**АВТОПОГРУ'ЗЧИК** *м.* автопогрузчик (*вагондорго, автомобилдерге жүк салуучу жана жүк түшүрүүчү, өнөр жай ишканасынын территориясында жүктөрдү бир жерден экинчи жерге которуштуруучу жана ташуучу машина*).

**АВТОПОИ'ЛКА** *ж. с.-х.* автопоилка (*мал суу иче турган аштоого, ноого сууну автоматтык түрдө агызып туруу үчүн атайын жасалган тетик*).

**АВТОПОРТРЕ'Т** *м.* автопортрет (*художниктин өзүн өзү түшүргөн сүрөтү*).

**АВТОПРИЦЕ'П** *м. тех.* автоприцеп (*вагондордун ж. б. бири-бирине автоматтык түрдө чиркелиши*).

**АВТОПРОБЕ'Г** *м.* автомобилдер жарышы.

**А'ВТОР** *м.* автор (*кандайдыр бир адабий, көркөм, илимий, техникалык чыгарманы түзгөн, жазган, ойлоп тапкан адам*); **а́втор по́вести** повесттин автору; **а́втор прое́кта** долбоордун автору, проекттин автору.

**АВТОРЕ'ЗКА** *ж. см.* **автоге́нный (автоге́нная ре́зка).**

**АВТОРЕМО'НТНЫЙ,** -ая, -ое: **авторемо́нтные мастерски́е** авторемонттук мастерскаялар.

**АВТОРЕФЕРА'Т** *м.* автореферат (*өзүнүн диссертациясынын мазмунун, кыскача баяндап жазган текст*).

**АВТОРИЗА'ЦИЯ** *ж.* авторизация, автордоштуруу (*автордун өз чыгармасын бекитип, таратууга уруксат этиши*).

**АВТОРИЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **авторизова́ть;** 2. *прил.* автордошкон, автордоштурулган (*автор макул болгон, бекиткен*); **авторизо́ванный перево́д** автордоштурулган котормо (*автор макул болгон котормо*).

**АВТОРИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* автордоштуруу (*өзүнүн чыгармасын жактыруу жана таратууга уруксат берүү*); **авторизова́ть текст перево́да** котормонун текстин автордоштуруу.

**АВТОРИТА'РНЫЙ,** -ая, -ое авторитардык (1. *бийликке сокур ишенүүгө негизделген*; 2. *өкүмчүл, өзүнүн беделин чыңдоого умтулуучу*).

**АВТОРИТЕ'Т** *м.* 1. авторитет, бедел, кадыр; **по́льзоваться авторите́том** авторитеттүү болуу, беделдүү болуу, кадырдуу болуу, авторитетке ээ болуу, беделге ээ болуу; **потеря́ть авторите́т** авторитетин жоготуу, беделин жоготуу; 2. (*авторитетное лицо*) авторитеттүү адам, беделдүү адам, кадырдуу адам; **он кру́пный авторите́т в о́бласти хи́мии** химия жагынан ал зор авторитеттүү адам.

**АВТОРИТЕ'ТНО** *нареч.* авторитеттүү түрдө.

**АВТОРИТЕ'ТНОСТЬ** *ж.* авторитеттүүлүк, беделдүүлүк, кадырдуулук.

**АВТОРИТЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*пользующийся авторитетом*) авторитеттүү, беделдүү, кадырдуу; **авторите́тный учёный** авторитеттүү окумуштуу; 2. (*заслуживающий доверия*) ишеничтүү; **из авторите́тных исто́чников** ишеничтүү булактардан.

**А'ВТОРСКИЙ,** -ая, -ое **автор**-*го т.*; автордук; **а́вторский коллекти́в** автордук коллектив, авторлор коллективи; **а́вторский гонора́р** автордук гонорар; **а́вторское пра́во** автордук укук; **а́вторский лист** *полигр.* автордук табак.

**А'ВТОРСТВО** *ср.* автордук (*чыгарманын автору болуу*); **установи́ть а́вторство статьи́** (текшерип) макаланын авторун табуу (белгилөө).

**АВТОРУ'ЧКА** *ж.* авторучка (*автоматтык жазуу калеми; жазганда сыясы ичинен чыгып туруучу калем*).

**АВТОСАМОСВА'Л** *м.* автосамосвал (*жүктү өзү түшүрө турган, жүктү автоматтык түрдө түшүрө турган автомобиль*).

**АВТОСВА'РКА** *ж. см.* **автоге́нный (автоге́нная сва́рка).**

**АВТОСТО'П** *м. тех.* автостоп (*поезд жүрүп бараткында аны өзүнөн өзү токтотуп коё турган прибор*).

**АВТОСТРА'ДА** *ж.* автострада (*автомобилдер жүрүү үчүн атайын жабдылган кең шоссе*).

**АВТОСЦЕ'ПКА** *ж. ж.-д.* автосцепка (*автоматтык түрдө өзүнөн өзү чиркелүү*).

**АВТОТИ'ПИЯ** *ж. полигр.* автотипия (1. *сүрөттөрдү фотомеханикалык жол менен басмага басуу*; 2. *ушундай жол менен басылган сүрөт*).

**АВТОТО'РМОЗ** *м.* автотормоз (*автоматтык тормоз, өзүнөн өзү токтотуучу тормоз*).

**АВТОТРА'КТОРНЫЙ,** -ая, -ое автотрактордук; **автотра́кторный парк совхо́за** совхоздун автотрактордук паркы.

**АВТОТРА'НСПОРТ** *м.* автотранспорт (*автомобилдик транспорт, пассажирдик жана жүк ташуучу автомобилдер*).

**АВТОЧА'СТИ** *мн.* (*ед.* **авточа́сть** *ж.*) автомобилге керектүү бөлүктөр (деталдар).

**АВТОШИ'НА** *ж.* автошина, автомобилдин шинасы.

www.bizdin.kg

**АГА'** 1. *межд.* мынакей; **ага́, попа́лся!** мынакей, тутулду!, мынакей, колго түштү!; **ага́, догна́л я тебя́!** мынакей, сени кууп жеттим!, мынакей, сага жетип алдым!; 2. *частица, прост.* ооба, ий; **ты по́мнишь его́? — Ага́!** ал сенин эсиңдеби? — Ооба!; ал сенин эсиңдеби? — Ий!

**АГА'ВА** *ж. бот.* агава (*тропиктик жактарда жана СССРдин түштүгүндө өсүүчү декоративдик өсүмдүктүн бир түрү*).

**АГА'Т** *м. мин.* агат (*кат-ка т болгон катуу минерал — кварцтын бир түрү*).

**АГА'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **агат**-*ка т.*

**АГГЛЮТИНАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое *лингв.* агглютинативдик (*агглютинация жолу менен түзүлгөн*); **агглютинати́вные языки́** агглютинативдик тилдер.

**АГГЛЮТИНА'ЦИЯ** *ж. лингв.* агглютинация (*сөздүн уңгусу өзгөрүлбөстөн, ага мүчө жалгануу аркылуу жаңы сөз жасалуу же өзгөрүү*).

**АГГЛЮТИНИ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ое *см.* **агглютинати́вный.**

**АГЕ'НТ** *м.* 1. агент (*уюмдун, мекеменин ар түрдүү тапшырмаларды орундоочу өкүлү*); **аге́нт по снабже́нию** жабдуу боюнча агент, жабдуу агенти; **страхово́й аге́нт** камсыздандыруу агенти; 2. (*шпион, провокатор*) агент (*кандайдыр мамлекеттин разведкасынын жашырын адамы — шпион, тыңчы*); 3. *физ., хим.* агент (*табиятта же организмде — бул же тигил кубулушту туудуруучу себеп*).

**АГЕ'НТСТВО** *ср.* 1. агентство (*кандайдыр бир борбордук мекеменин жергиликтүү өкүлдүгү, бөлүмү*); **аге́нтство ба́нка** банктын агентствосу; 2. агентство (*газеталарга информация берип туруучу мекеме*); **Телегра́фное аге́нтство Сове́тского Сою́за (ТАСС)** Советтер Союзунун Телеграфтык Агентствосу (ТАСС); 3. агентство (*мекемелердин же жеке адамдардын тапшырмаларын орундап туруучу уюм*).

**АГЕНТУ'РА** *ж.* 1. (*занятие, должность агента*) агентура (*агенттин иши, кызматы*); 2. *собир.* агентура (*буржуазиялык өкмөттөрдүн шпиондору, диверсанттары, тыңчылары*); **вра́жеская агенту́ра** душмандык агентура.

**АГЕНТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **агентура**-*га т.*; агентуралык; **агенту́рные све́дения** агентуралык кабарлар.

**АГИТ**= *татаал сөздөрдүн «агитациялык» деген маанини берe турган биринчи бөлүгү; мис.* **агитпу́нкт** агитпункт.

**АГИТА'ТОР** *м.* агитатор (*агитация, үгүт иштерин жүргүзүүчү*).

**АГИТА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **агитатор**-*го т.*; агитатордук.

**АГИТАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **агитация**-*га т.*; агитациялык; **агитацио́нная литерату́ра** агитациялык адабият; **агитацио́нная рабо́та** агитация жумушу, агитациялык жумуш.

**АГИТА'ЦИЯ** *ж.* агитация (*аңгемелер өткөзүү, доклад-дар жасоо, митингилерде сүйлөө аркылуу, газеталар, китептер, радио ж. б. аркылуу массаларга саясий таасир кылуунун куралы*); **предвы́борная агита́ция** шайлоо алдындагы агитация.

**АГИТБРИГА'ДА** *ж.* агитбригада (*агитаторлордун бригадасы*).

**АГИТИ'РОВАТЬ** *несов. кого* агитациялоо, агитация жүргүзүү, үгүттөө.

**АГИТКОЛЛЕКТИ'В** *м.* агитколлектив (*агитаторлор коллективи*).

**АГИТМА'ССОВЫЙ,** -ая, -ое агитмассалык (*агитациялык-массалык, массаны агитациялоого арналган*); **агитма́ссовая рабо́та** агитмассалык жумуш, агитмассалык иш.

**АГИТПУ'НКТ** *м.* агитпункт (*агитациялык пункт*).

**АГЛОМЕРА'Т** *м.* агломерат (1. *геол. тоо тектеринин жана минералдардын көпшөк болуп топтолушу*; 2. *перен. курама, куранды, түрдүү нерселерден кошулган нерсе*).

**АГНО'СТИК** *м.* агностик (*агностицизм жактоочусу*).

**АГНОСТИЦИ'ЗМ** *м. филос.* агностицизм (*объективдүү дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүгүн билүү мүмкүндүгүн танууч идеалисттик философиялык окуу*).

**АГОНИЗИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. жан талашуу (*өлүм алдында*); 2. *перен.* куруу, бүлүнүү.

**АГО'НИЯ** *ж.* агония (1. *өлүм алдында жан талашуу*; 2. *перен. өзүнүн өмүрүн, тиричилигин сактап калуу үчүн иштелген натыйжасыз эң акыркы аракет, алпурушуу*).

**АГРА'РИЙ** *м.* аграрий (*капиталисттик өлкөлөрдөгү ири жер ээси*).

**АГРА'РНЫЙ,** -ая, -ое агрардык (*жерге, жерден пайдалануучга, жерге ээ болууга, дыйканчылыкка таандык*); **агра́рная страна́** агрардык өлкө; **агра́рный вопро́с** агрардык маселе; **агра́рная рефо́рма** агрардык реформа.

**АГРЕГА'Т** *м.* агрегат (1. *тех. бир жумушту кылуу үчүн бир канча машиналардын бир бүтүнгө кошулушу*; 2. *тех. кандайдыр бир татаал машинанын толук бир бүтүндү түзгөн бөлүгү*; 3. *бир түрдүү же ар түрдүү бөлүктөрдү бир бүтүнгө механикалык түрдө кошуу*).

**АГРЕГА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **агрегат**-*ка т.*

**АГРЕССИ'ВНО** *нареч.* агрессиялуу түрдө, агрессиялык түрдө.

**АГРЕССИ'ВНОСТЬ** *ж.* агрессивдүүлүк (*басып алуучулук саясат; агрессияга, басып алууга умтулуу*).

**АГРЕССИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. агрессиялуу, агрессиялык, агрессивдик (*агрессия методу менен аракет кылуучу, басып алууга, тартып алууга умтулуучу*); **агресси́вная поли́тика** агрессиялык саясат; 2. *перен.* кастык, душмандык.

**АГРЕ'ССИЯ** *ж.* агрессия (*бир же бир нече мамлекеттердин башка өлкөлөргө алардын территорияларын тартып алуу жана элдерин эксплуатация кылуу максатын көздөп, бир мамлекетти экинчи бир мамлекетке экономикалык же саясий жактан багынтуу максатын көздөп кол салуусу*).

**АГРЕ'ССОР** *м.* агрессор (*басып алуу, ээлөө максаты менен кол салуучу*).

**АГРИКУЛЬТУ'РА** *ж. с.-х. уст.* агрикультура (*дыйканчылык*).

**АГРИКУЛЬТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **агрикультура**-*га т.*; агрикультуралык.

**АГРО**= *татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү; бул — «агрономиялык» деген маанидe колдонулат; мис.*: **агроте́хника** агротехника; **агроми́нимум** агроминимум.

**АГРОБИОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **агробиология**-*га т.*; агробиологиялык; **агробиологи́ческая нау́ка** агробиологиялык илим.

**АГРОБИОЛО'ГИЯ** *ж.* агробиология (*айыл чарбага ийкемделип колдонулуучу биология*).

**АГРОКРУЖО'К** *м.* агрокружок (*агрономиялык кружок*).

**АГРОКУЛЬТУ'РА** *ж.* агрокультура (*дыйканчылыкты жакшыртууга багытталган чаралардын жыйындысы*).

**АГРОКУЛЬТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **агрокультура**-*га т.*; агрокультуралык; **агрокульту́рные мероприя́тия** агрокультуралык чаралар.

**АГРОЛЕСОМЕЛИОРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **агролесомелиорация**-*га т.*

**АГРОЛЕСОМЕЛИОРА'ТОР** *м.* агролесомелиоратор (*агролесомелиорация боюнча специалист*).

**АГРОЛЕСОМЕЛИОРА'ЦИЯ** *ж.* агролесомелиорация (*токой өстүрүүчүлүк жана мелиорациялык чаралар системасы — жогорку түшүм алууну камсыз кылуу үчүн токой тилкелерин тигүү, жер сугаруу, саз жерлерди кургатуу ж. б.*).

**АГРОМИ'НИМУМ** *м.* агроминимум (*айыл чарбага тийиштүү эң зарыл чаралардын жана илимдердин жыйындысы*).

**АГРОНО'М** *м.* агроном (*айыл чарба жагынан специалист*).

www.bizdin.kg

**АГРОНОМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **агрономия**-*га т.*; агрономиялык, агрономдук; **агрономи́ческая литерату́ра** агрономиялык адабият; **агрономи́ческая пропага́нда** агрономиялык пропаганда, агрономдук пропаганда.

**АГРОНО'МИЯ** *ж.* агрономия (*айыл чарба жөнүндөгү илим*).

**АГРОПУ'НКТ** *м.* агропункт (*агрономдук пропаганда жана агрономдук жардам көрсөтүү үчүн жабдылган пункт*).

**АГРОТЕ'ХНИК** *м.* агротехник (*агротехника жагынан специалист*).

**АГРОТЕ'ХНИКА** *ж.* агротехника (*айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү техникасы*).

**АГРОТЕХНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **агротехника**-*га т.*; агротехникалык; **агротехни́ческие мероприя́тия** агротехникалык чаралар.

**АГРОУЧЁБА** *ж.* агрономиялык окуу.

**АД** *м.* **1.** *рел.* тозок; **2.** *перен.* азап, азап-тозок.

**АДА'ЖИО** *муз.* **1.** *нареч.* адажио (*мелүүн жайбаракат темпте*); **2.** *ср.* *нескл.* адажио (*жайбаракат темптеги музыкалуу пьеса же анын бир бөлүгү*).

**АДА'МОВ,** -а, -о: **ада́мова голова́** *зоол.* *түндө уча турган чоң көпөлөктүн бир түрү*; **ада́мово я́блоко** *анат.* коко (*кекиртектин кокосу*).

**АДАМСИ'Т** *м.* *хим.* адамсит (*чүчкүртүүчү уукту́рма зат*).

**АДАПТА'ЦИЯ** *ж.* **1.** адаптация (*организмдердин айланадагы шарттарга ыйкемделиши*); **адапта́ция гла́за** көздүн адаптациясы (*көзгө түшкөн жарык өзгөргөн кезде көздүн сезгичтигинин өзгөрүшү*); **2.** адаптация (*чет тилдерди жаңыдан окуй баштагандар үчүн текстти ыйкемдөө*).

**АДА'ПТЕР** *м.* адаптер (*граммофон пластинкаларына жазылган үндү радиоприёмниктин репродуктору аркылуу берүүчү прибор*).

**АДАПТИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич.* *от* **адапти́ровать**; **2.** *прил.* адаптацияланган, адаптациялаштырылган; **адапти́рованный текст** адаптацияланган текст.

**АДАПТИ'РОВАТЬ** *сов.* *и несов.* *что* адаптациялоо; *см.* **адапта́ция** 2.

**АДА'Т** *м.* адат.

**АДВОКА'Т** *м.* адвокат (*айыпталуучуну сотто жактоочу, бирөөнүн ишин сотто алып баруучу, укук маселелери боюнча кеңештер берүүчү юрист*).

**АДВОКАТУ'РА** *ж.* **1.** адвокатура, адвокаттык (*адвокаттын ишмерлиги, кесиби*); **2.** *собир.* адвокатура, адвокаттар.

**АДЕКВА'ТНЫЙ,** -ая, -ое адекваттуу (*толук бирдей, окшош*); **адеква́тные поня́тия** адекваттуу түшүнүктөр.

**АДЕНО'ИДЫ** *только мн.* *мед.* аденоиддер (*тамактын лимфа бездеринин оорулуп, шишип өсүп кетиши*).

**АДЕ'ПТ** *м.* адепт (*кандайдыр бир окуунун абдан ишенген жактоочусу*).

**АДЖА'РЕЦ** *м.* аджар, аджарец.

**АДЖА'РКА** *женск.* *р.* *к* **аджа́рец**; аджарка.

**АДЖА'РСКИЙ,** -ая, -ое **Аджария**-*га*, **аджарец**-*ке т.*; **аджа́рский язы́к** аджар тили.

**АДЖА'РЦЫ** *мн.* аджарлар, аджарецтер.

**АДМИНИСТРАТИ'ВНО-ТЕРРИТОРИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое административдик-территориялык; **администрати́вно-территориа́льное деле́ние СССР** СССРдин административдик-территориялык бөлүнүшү.

**АДМИНИСТРАТИ'ВНО-ХОЗЯ'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое административдик-чарбалык.

**АДМИНИСТРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **администрация**-*га т.*; администрациялык, административдик; **администрати́вная до́лжность** администрациялык кызмат; **в администрати́вном поря́дке** административдик тартипте.

**АДМИНИСТРА'ТОР** *м.* администратор (*бир нерсени башкаруучу, тескөөчү кызмат адамы*).

**АДМИНИСТРА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **администратор**-*го т.*; администратордук; **администра́торские обя́занности** администратордук милдеттер.

**АДМИНИСТРА'ЦИЯ** *ж.* администрация (**1.** *ишканалардагы, мекемелердеги башкаруу органы*; **2.** *собир.* *мекемелердин, ишканалардын башкармасын башкаруучу адамдар*).

**АДМИНИСТРИ'РОВАНИЕ** *ср.* башкаруучулук, башкаруу, башкаруучулук кылуу, башчылык кылуу; *см.* **администри́ровать**.

**АДМИНИСТРИ'РОВАТЬ** *несов.* башкаруу, башкаруучулук кылуу, башчылык кылуу (*чиновниктерче формалдуу, кайдигер буйрук берүүгө аракет кылуу*).

**АДМИРА'Л** *м.* адмирал (*согуштук деңиз флотунда эң жогорку наам*).

**АДМИРАЛТЕ'ЙСТВО** *ср.* адмиралтейство (**1.** *Ленинграддагы деңиз флотунун иштерин башкаруучу мекеме*; **2.** *уст.* *порттогу согуштук кемелерди жасай турган жана аларды ремонттой турган орун*).

**АДМИРА'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **адмирал**-*га т.*; адмиралдык; **адмира́льский флаг** адмиралдык желек, адмирал желеги.

**АДОПТА'ЦИЯ** *ж.* адоптация (*бала кылып асырап алуу*).

**А'ДРЕС** *м.* **1.** адрес (*почта менен жиберилүүчү нерсенин сыртындагы жазуу*); **доста́вить письмо́ по а́дресу** катты адреси боюнча алып барып берүү; **его́ а́дрес тот же** анын адреси мурункудай эле, анын адреси ошол эле; **отпра́вить в а́дрес институ́та** институттун адресине жиберүү; **2.** (*письменное приветствие*) адрес (*куттуктоо кат*); **юбиля́р получи́л мно́го адресо́в** юбиляр көп адрес алды; **поднести́** *кому-л.* **а́дрес** *бирөөгө* адрес берүү; ◇ **по а́дресу** *кого-л.* *бирөөгө* карата; **по его́ а́дресу бы́ло сде́лано не́сколько замеча́ний** ага карата бир нече эскертүү жасалган болчу; **не по а́дресу** жаңылыш адрес боюнча.

**АДРЕСА'НТ** *м.* адресант (*почта же телеграф аркылуу бир нерсе жиберген киши же мекеме*).

**АДРЕСА'Т** *м.* адресат (*почта же телеграф аркылуу жиберилген нерсени ала турган киши же мекеме*); **за ненахожде́нием адреса́та** адресат табылбагандыктан (*каттын үстүнө жазылган белги*).

**А'ДРЕСНЫЙ,** -ая, -ое **адрес**-*ке т.*; адрестик; **а́дресная кни́га** адрес книгасы; **а́дресный стол** адрестик стол (*ушул шаарда турган адамдарды регистрациялоочу жана алардын турган жерлери жөнүндө справка берип туруучу мекеме*).

**АДРЕСОВА'ТЬ** *сов.* *и несов.* *что* жиберүү, жөнөтүү; **письмо́ на́до адресова́ть в Москву́** катты Москвага жиберүү керек.

**А'ДСКИ** *нареч.* *разг.* абдан, эң эле; **я а́дски уста́л** мен эң эле чарчадым, мен абдан чарчадым.

**А'ДСКИЙ,** -ая, -ое *разг.* абдан катуу, абдан күчтүү, чыдагыс; **а́дская жара́** чыдагыс ысык, абдан катуу ысык; **а́дская боль** эң катуу ооруу, жандан өткөн ооруу; ◇ **а́дская маши́на** *уст.* белгиленген убакытта жарылуучу снаряд.

**АДЪЮ'НКТ** *м.* адъюнкт (*согуштук академияларда окутуучу болууга даярдануучу адам*).

**АДЪЮТА'НТ** *м.* *воен.* адъютант (*согуштук начальниктин кол алдында иштеп, кызмат жагынан болгон тапшырмаларды орундоочу офицер*).

**АДЫГЕ'ЕЦ** *м.* адыгей, адыгеец.

**АДЫГЕ'ЙКА** *женск.* *р.* *к* **адыге́ец**; адыгейка.

**АДЫГЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **адыгеец**-*ке т.*; **адыге́йский язы́к** адыгей тили.

**АДЫГЕ'ЙЦЫ** *мн.* адыгейлер, адыгеецтер.

**А'ЖИО** *ср.* *нескл.* *ком.* ажио (*капиталисттик өлкөлөрдө — акчанын анын номинал баасына караганда курсунун көтөрүлүшү*).

www.bizdin.kg

**АЖИОТА'Ж** *м.* 1. ажиотаж (*капиталисттик өлкөлөрдө — спекуляция максатын көздөп, акция, облигация ж. б. баалуу кагаздардын курсун жасалма түрдө көтөрүү же түшүрүү*); 2. *перен.* тынчсызданып толкундануу, туталануу.

**АЖУ'Р** I *м.* ажур (*назик тордомо нерсе; тор сыяктуу гүлү бар кездеме*).

**АЖУ'Р** II *нареч. бухг.* ажур (*ар бир операцияны болгон күнүндө книгага жазып туруу*).

**АЖУ'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*прозрачный*) ажур (*элек сыяктуу майда тордолгон, ары жагындагы буюмдар өтмө катар көрүнүүчү нерсе*); **ажу́рные чулки́** ажур чулки; **ажу́рная стро́чка** ажур сайма (*элек сыяктуу тордолгон сайма*); 2. *перен.* (*искусно и тонко сделанный*) чебердик менен иштелген.

**АЗ** *м.* 1. *уст.* аз (*орус алфавитинин «а» деген биринчи арибинин байыркы аты*); 2. **азы́** *мн. перен.* алиппе, эң эле башталгыч маалымат; **начина́ть с азо́в «а»** дегенден баштоо, эң эле башынан, жөнөкөй нерседен баштоо; ◇ **ни аза́ не знать** эч нерсе билбөө, түк эч нерсе билбөө; оозуң кайсы десе, мурдун көрсөтүү.

**АЗА'РТ** *м.* кумардык, кумар, кызыгуу, кызуулук; **войти́ в аза́рт** кумары кызуу; **де́лать** *что-л.* **с аза́ртом** *бир нерсени* кызыгып иштөө, *бир нерсени* кызуулук менен иштөө.

**АЗА'РТНО** *нареч.* кумарданып, кызыгып, кызууланып; **аза́ртно игра́ть** кызыгып ойноо, кызууланып ойноо.

**АЗА'РТНЫЙ,** -ая, -ое кумардуу, кызыгуучу, сүйүүчү, берилген, кызуу; **аза́ртные и́гры** кумар; кумар оюндар; **аза́ртный спор** кызуу айтышуу.

**А'ЗБУКА** *ж.* 1. (*совокупность букв, знаков*) алиппе (*алфавит, тамгалардын тизмеги*); **а́збука Мо́рзе** Морзе алиппеси (*телеграфта колдонулуучу шарттуу белгилер*); 2 (*букварь*) алиппе китеби; 3. *перен.* кандайдыр бир илимдин, билимдин башы.

**А'ЗБУЧНЫЙ,** -ая, -ое **азбука**-*га т.*; **а́збучная и́стина** *перен.* баарыга белгилүү чындык.

**АЗЕРБАЙДЖА'НЕЦ** *м.* азербайжан.

**АЗЕРБАЙДЖА'НКА** *женск. р. к* **азербайджа́нец**; азербайжанка.

**АЗЕРБАЙДЖА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Азербайджан**-*га*, **азербайджанец**-*ке т.*; **азербайджа́нский язы́к** азербайжан тили.

**АЗЕРБАЙДЖА'НЦЫ** *мн.* азербайжандар.

**АЗИА'Т** *м.* азиат (*Азияда туулган адам*).

**АЗИА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **Азия**-*га т.*; **азиа́тский матери́к** Азия материги.

**А'ЗИМУТ** *м.* 1. *астр.* азимут (*кандайдыр бир жарык кылып турууучу асмандык тело, б. а. же күн, же ай, же жылдыз аркылуу өтүүчү тик жалпактык менен меридиандын ортосундагы бурч*); 2. *воен.* азимут (*кыймылдын берилген багыты менен түндүктүн ортосунда түзүлгөн бурч*); **идти́ по а́зимуту** азимут боюнча баруу.

**АЗО'Т** *м. хим.* азот (*абанын составына кирүүчү түссүз жана жытсыз газ*); **о́кись азо́та** азоттун кычкылы.

**АЗО'ТИСТЫЙ,** -ая, -ое *хим.* азоттуу; **азо́тистое желе́зо** азоттуу темир; **азотистые удобре́ния** азоттуу жер семирткичтер.

**АЗО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **азот**-*го т.*; азоттук **азо́тная кислота́** азот кислотасы, азоттук кычкыл; **азо́тный заво́д** азот заводу, азоттук завод.

**АЗЫ'** *мн. см.* аз 2.

**А'ИСТ** *м.* легилек, илегилек, кара куназ.

**АЙ** *межд.* ай, ий, калак, калакай, кокуй; **ай, как нехорошо́!** ай, жакшы эмес ко!; **ай-ай-ай** ай-ай-ай; ◇ **ай да...** ай, баракелде...; ай, бали...; **ай да молоде́ц! ай,** баракелде, эр экен!

**АЙВА'** *ж.* бихи (*жыгачы жана анын жемиши*).

**АЙВО'ВЫЙ,** -ая, -ое **айва**-*га т.*; **айво́вое варе́нье** бихиден жасалган варенье.

**АЙДА'** *межд. прост.* жүргүлө, жүр, кана жүргүлө кана жүр, кана кеттик, кеттик эмесе.

**АЙМА'К** *м.* аймак (*Бурят-Монгол АССРинде жана Тоолук-Алтайлык автономиялуу областында — район*).

**АЙРА'Н** *м.* айран, катык.

**А'ЙСБЕРГ** *м.* айсберг (*деңизде сузуп жүрүүчү муз тоо*).

**АЙСО'Р** *м.* айсор.

**АЙСО'РКА** *женск. р. к* **айсо́р**; айсорка.

**АЙСО'РСКИЙ,** -ая, -ое **айсор**-*го т.*

**АЙСО'РЫ** *мн.* айсорлор.

**АКАДЕМИ'ЗМ** *м.* академизм (1. *илимий иштерде жана окуу иштеринде практикадан жана турмуштун талаптарынан байланышын үзгөн теориялык багыт*; 2. *искусствоdo — байыркынын үлгүлөрүнө ээрчүүнүн традициялык эрежелерин түзгөн багыт*).

**АКАДЕ'МИК** *м.* академик (*Илимдер Академиясынын чыныгы мүчөсү*); **почётный акаде́мик** ардактуу академик.

**АКАДЕМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **академия**-*га т.*; академиялык; **академи́ческий уста́в** академиялык устав, академия уставы; 2. (*учебный*) окуу жайларына, окууга ылайыкталган; академиялык; **академи́ческий год** окуу жылы; **академи́ческий час** академиялык саат (*лекция үчүн белгиленген убакыт — көбүнчө 45 минута*); 3. (*в науке, искусстве*) академиялык (*искусстводо, илимде белгиленген эрежени, традицияны сактоочу, бирок турмуш менен байланышсыз нерсе*); **академи́ческая жи́вопись** академиялык живопись; 4. академиялык (*жалаң эле теориялык, практикалык мааниси жок*); **академи́ческий спор** академиялык айтышуу; **вопро́с но́сит академи́ческий хара́ктер** маселенин академиялык гана мүнөзү бар; ◇ **академи́ческий теа́тр** академиялык театр (*СССРдеги үлгүлүү театрларга берилген ардактуу наам*).

**АКАДЕМИ'ЧНОСТЬ** *ж.* абстракттуулук, конкреттүү эместик (*турмуш менен байланышы жоктук, жалаң эле теориялык*).

**АКАДЕМИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое абстракттуу, конкреттүү эмес (*турмуш менен байланышы жок, жалаң эле теориялык*).

**АКАДЕ'МИЯ** *ж.* академия; **Акаде́мия нау́к СССР** СССР Илимдер Академиясы; **Акаде́мия медици́нских нау́к** Медициналык Илимдер Академиясы; **Акаде́мия педагоги́ческих нау́к** Педагогикалык Илимдер Академиясы; **Акаде́мия сельскохозя́йственных нау́к** Айыл Чарба Илимдер Академиясы; **Акаде́мия худо́жеств** Художестволор Академиясы; **Вое́нно-полити́ческая акаде́мия** Согуштук-Саясий Академия; **Вое́нно-возду́шная акаде́мия** Согуштук-Аба Академиясы.

**АКА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*дерево*) акация (*ак гүлдүү жыгачтын бир түрү*); 2. (*кустарник*) алтыгана.

**АКВАМАРИ'Н** *м. мин.* аквамарин (*жашыл түстүү асыл таштын бир түрү*).

**АКВАМАРИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **аквамарин**-*ге т.*

**АКВАРЕЛИ'СТ** *м.* акварелист (*акварель менен сүрөт тартуучу художник*).

**АКВАРЕ'ЛЬ** *ж.* акварель (1. *сууга эзме боёк*; 2. *акварель менен тартылган сүрөт*).

**АКВАРЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **акварель**-*ге т.*; **акваре́льные кра́ски** акварель боёктору; **акваре́льный портре́т** акварель портрети.

**АКВА'РИУМ** *м.* аквариум (*балыкты, сууда жашоочу жаныбарларды салып багуу жана сууда өсүүчү өсүмдүктө, дү салып өстүрүү үчүн жасалган көлмө же ичине суу куюлган айнек ящик*).

**АКВЕДУ'К** *м.* акведук (*көпүрөө окшотубураак салынган суу өткөргүч, ноо*).

**АККЛИМАТИЗА'ЦИЯ** *ж.* климатташтыруу, климатташуу (*киши, жаныбар жана өсүмдүктөрдүн жаңы климаттык жана да башка түрдүү тиричилик шарттарына көнүгүүлөрү, ийкемделиши*).

www.bizdin.kg

**АККЛИМАТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* климатташтыруу.

**АККЛИМАТИЗИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* (*о животных, растениях*) климатташтырылуу, климатташуу; 2. *сов. и несов. перен.* (*о человеке*) үйрөнүү, жаңы шартка көнүгүү (үйрөнүү); 3. *несов. страд.* к **акклиматизи́ровать.**

**АККОМОДА'ЦИЯ** *ж. физ.* аккомодация (*көнүгүү, ийкемделүү*); **аккомода́ция гла́за** көздүн аккомодациясы (*ар түрдүү алыстыктагы нерсени караганда аны таамай көрүүгө көздүн ийкемделиши*).

**АККОМПАНЕМЕ'НТ** *м.* аккомпанемент (*обонго, үнгө зэрчип, кошулуп музыкалык инструментке ойноо же ырдоо*); **петь под аккомпанеме́нт роя́ля** роялга кошулуп ырдоо.

**АККОМПАНИА'ТОР** *м.* аккомпаниатор (*обончуга, скрипачка ж. б. кошулуп, музыкалык инструментте, мис. роялда ойноочу адам*).

**АККОМПАНИ'РОВАТЬ** *несов. кому-чему на чём* аккомпанементтөө.

**АККО'РД** *м. муз.* аккорд (*бир канча музыкалык тондордун үн алышып бир жолу чыгышы*); **взять не́сколько акко́рдов** бир нече аккорд алуу; **заключи́тельный акко́рд** акыркы (аяккы) аккорд; ◇ **акко́рд струн** смычоктуу (*кыяк, скрипка ж. б.*) жана чертме (*комуз, мандолина ж. б.*) инструменттер үчүн струналардын жыйындысы.

**АККОРДЕО'Н** *м. муз.* аккордеон.

**АККОРДЕОНИ'СТ** *м.* аккордеончу (*аккордеондо ойноочу адам*).

**АККО'РДНЫЙ,** -ая, -ое аккорддук (*договор боюнча баалап иштөө*); **акко́рдная рабо́та** аккорддук жумуш; **акко́рдная опла́та труда́** эмгектин аккорддук төлөөсү (*мында акы кетирилген убакытка карап эмес, иштелген ишке карап төлөнөт*).

**АККРЕДИТИ'В** *м. фин.* аккредитив (*сактык кассасы вкладчикке берген документ; бул документ боюнча вкладчик өзүнүн сактоого тапшырган акчасын СССРдин кайсы жериндеги сактык кассасынан болсо да алууга укуктуу*).

**АККРЕДИТОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого, дип.* бирөөнү чет мамлекеттик өкмөттүн алдындагы өз өкүлү кылып дайындоо.

**АККУМУЛИ'РОВАНИЕ** *ср. см.* **аккумуля́ция; аккумули́рование со́лнечного тепла́** күндүн жылуулугун аккумуляциялоо.

**АККУМУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* аккумуляциялоо, аккумуляция кылуу (*жыйноо, накопление кылуу, чогултуу*).

**АККУМУЛЯ'ТОР** *м. тех.* аккумулятор (*электр же жылуулук кубатты жыйноочу прибор*).

**АККУМУЛЯ'ТОРНЫЙ,** -ая, -ое **аккумулятор**-*го т.*; аккумулятордук; **аккумуля́торная батаре́я** аккумулятордук батарея.

**АККУМУЛЯЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **аккумуляция**-*га т.*

**АККУМУЛЯ'ЦИЯ** *ж.* аккумуляция, аккумуляциялоо; **аккумуля́ция электри́чества** *физ.* электрдин аккумуляциясы, электрди аккумуляциялоо; **аккумуля́ция капита́ла** *эк.* капиталды аккумуляциялоо (*жаңы түзүлүп жаткан кошумча наркты капиталга кошуу аркылуу аны (капиталды) накопление кылуу*).

**АККУРА'ТНО** *нареч.* 1. (*исправно*) өз убагында, калбай, дал, нак; **аккура́тно отвеча́ть на пи́сьма** каттарга өз убактысында жооп берип туруу; 2. (*тщательно*) так, тыкандык менен, тыкан, абайлап, чебердеп, төкпөй-чачпай; **аккура́тно переписа́ть** *что-л. бир нерсени* тыкандык менен көчүрүп жазуу.

**АККУРА'ТНОСТЬ** *ж.* тыкандык, жыйнактык; **прояви́ть то́чность и аккура́тность** тактык жана тыкандык көрсөтүү.

**АККУРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*исполнительный, исправный*) тыкан, жыйнак; 2. (*тщательно сделанный*) тыкандык менен, чебердик менен, төкпөй-чачпай, жыйнактык менен; **аккура́тная рабо́та** тыкандык менен иштелген жумуш.

**АКОНИ'Т** *м. бот.* уу коргошун.

**АКР** *м.* акр (*Англия менен Америкада жер чени, бул — 4047 квадраттык метрге барабар*).

**АКРОБА'Т** *м.* акробат (*цирктик гимнаст, дарчы*).

**АКРОБА'ТИКА** *ж.* акробатика (*гимнастика искусствосу; көбүнчө циркте ойноп, шамдагайлык менен секирүү; дарчылык*).

**АКРОБАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **акробатика**-*га т.*; акробатикалык; **акробати́ческие упражне́ния** акробатикалык машыгуулар.

**АКРОБА'ТКА** *женск. р. к* **акроба́т;** акробатка.

**АКРО'ПОЛЬ** *м. ист.* акрополь (*байыркы гректерде — шаардын бекитилген бөлүгү, крепость*).

**АКСЕЛЬБА'НТЫ** *мн.* (*ед.* **аксельба́нт** *м.*) аксельбант (*падышалык Россияда жана чет өлкөлөрдө — кээ бир согуштук чиндердин мундиринин ийнинин үстүнөн арта салынган шнур*).

**АКСЕССУА'РЫ** *мн.* (*ед.* **аксессуа́р** *м.*) аксессуар (1. *театр. атайын театрдык жасалганын буюмдары;* 2. *перен. башкы нерсени аныктоочу, толуктоочу*).

**АКСИО'МА** *ж.* аксиома (1. *илимде — далилсиз эле кабыл кылына турган положение, жсбо;* 2. *перен. шексиз чындык, көз көрүнө чындык, эч бир далилди талап кылбаган чындык*).

**АКТ** *м.* 1. (*действие, событие*) акт (*аракет, окуя*); **акт огро́много полити́ческого значе́ния** зор саясий маанилүү акт; 2. (*указ, постановление*) акт (*указ, мамлекеттик мааниси бар токтом*); **госуда́рственный акт** мамлекеттик акт; 3. (*документ*) акт (*бир нерсени күбөлөндүрүүчү документ*); **а́кты гражда́нского состоя́ния** граждандык ал-абалдын актылары; **обвини́тельный акт** айыптоо актысы; **соста́вить акт** акт түзүү; **нотариа́льные а́кты** нотариалдык актылар; 4. *театр.* акт, көшөгө (*пьесанын эки антракт ортосундагы бөлүгү*); **пье́са в трёх а́ктах** үч көшөгөлүү пьеса; 5. (*в учебных заведениях*) акт (*окуу жайларындагы салтанаттуу жыйналыш*).

**АКТЁР** *м.* 1. актёр (*театр ойнунда ролдорду аткаруучу киши*); **коми́ческий актёр** комедиялык актёр; **траги́ческий актёр** трагедиялык актёр; 2. *перен.* актёр (*анткордонуп өзүн башка кылып көрсөтүүчү киши*).

**АКТЁРСКИЙ,** -ая, -ое **актёр** 1-*ге т.*; актёрдук; **актёрское мастерство́** актёр чебердиги, актёрдук чебердик.

**АКТИ'В** I *м. сбир.* актив, активдер (*кандайдыр бир уюмдун иишмер, инициативалуу, демилгелүү бөлүгү*); **парти́йный акти́в** партиялык актив, партия активи; **профсою́зный акти́в** профсоюздук актив, профсоюз активи; **созва́ть акти́в** активдердин жыйналышын чакыруу; **собра́ние акти́ва** активдердин чогулушу.

**АКТИ'В** II *м. бухг.* актив (*ишкананын материалдык баалуу запасы жана аласа мүлктөрү*); **записа́ть в акти́в** активге жазуу, активге жазып коюу.

**АКТИВИЗА'ЦИЯ** *ж.* активизация, активдештирүү (*бирөөнүн активдүүлүгүн көтөрүү, бирөөнүн иштиктүүлүгүн күчөтүү, көтөрүү*).

**АКТИВИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* активдештирүү.

**АКТИВИ'СТ** *м.* активист (*коомдук жумушка активдүү катышуучу*).

**АКТИВИ'СТКА** *женск. р. к* **активи́ст;** активистка.

**АКТИ'ВНО** *нареч.* активдүүлүк менен, ишкердүүлүк менен, иштиктүүлүк менен; **акти́вно уча́ствовать** *в чём-л. бир нерсеге* активдүүлүк менен катышуу.

**АКТИ'ВНОСТЬ** *ж.* активдүүлүк, ишкердүүлүк, иштиктүүлүк; **полити́ческая акти́вность трудя́щихся** эмгекчилердин саясий активдүүлүгү; **тво́рческая акти́вность масс** массалардын чыгармачылык активдүүлүгү; **прояви́ть акти́вность** активдүүлүк көрсөтүү.

www.bizdin.kg

**АКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*деятельный, энергичный*) активдүү, ишкер, ыштыктүү; **акти́вный уча́стник** активдүү катышуучу; **2.** (*быстро и сильно действующий*) активдүү, күчөгөн, кабылдаган; **акти́вный проце́сс туберкулёза** кургак учуктун күчөгөн процесси; ◇ **акти́вный бала́нс** *эк.* активдүү баланс (*кириш статьясы чыгыш статьясынан ашып түшкөн баланс*); **акти́вная оборо́на** *воен.* активдүү коргоо; **акти́вное избира́тельное пра́во** активдүү шайлоо укугу (*шайлоого укуктуулук*).

**АКТИ'НИЙ** *м. хим.* актиний (*уран кенинен алынуучу химиялык элементтердин бири*).

**АКТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* акт түзүү.

**А'КТОВЫЙ: а́ктовый зал** салтанаттуу чогулуш өткөрүлүүчү зал (*көбүнчө жогорку окуу жайларында*).

**АКТРИ'СА** *женск. р. к* **актёр;** актриса.

**АКТУА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* актуалдуулук (*азыркы убакыт үчүн маанилүүлүк*); **актуа́льность вопро́са** маселенин актуалдуулугу.

**АКТУА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое актуалдуу (*азыркы убакыт үчүн мааниси бар*); **актуа́льные зада́чи** актуалдуу милдеттер.

**АКУ'ЛА** *ж.* акула (*деңиздеги жырткыч балыктын бир түрү*).

**АКУ'СТИКА** *ж.* **1.** *физ.* акустика (*тыбыш жөнүндөгү окуу*); **2.** акустика (*кандайдыр бир үйдүн ичинде үндүн, музыканын таралышы жана угулушу*); **в э́том за́ле хоро́шая аку́стика** бул залда акустика жакшы.

**АКУСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **акустика**-*га т.*; акустикалык; **акусти́ческие усло́вия** акустикалык шарттар.

**АКУШЁ'Р** *м.* акушёр (*аялга, анын боюнда бар кезде, ал төрөгөн убакытта жана төрөгөндөн кийин жардам көрсөтүүчү врач*).

**АКУШЕ'РКА** *ж.* акушерка (*аял төрөгөн кезде ага жардам кылуучу медициналык кызматкер аял*).

**АКУШЕ'РСКИЙ,** -ая, -ое акушердик; **акуше́рские ку́рсы** акушердик курс.

**АКУШЕ'РСТВО** *ср.* акушерство (**1.** *аялга, анын боюнда бар кезинде, ал төрөгөн убакытта жана төрөгөндөн кийин жардам көрсөтүп туруучу медициналык бөлүм*; **2.** *акушердин же акушерканын иши*).

**АКЦЕ'НТ** *м.* **1.** *грам.* (*ударение*) басым (*үндүн көтөрүлүп айтылышы*); **2.** *полигр.* (*знак ударения*) акцент (*басымды билдирүү үчүн тамганын үстүнө коюлуучу белги*); **поста́вить акце́нт** акцент коюу; **3.** (*произношение*) акцент (*сөздү айтуудагы өзгөчөлүк; мындай өзгөчө айтуу бул же тигил тилге, диалектиге же айрым адамдын өзүнө таандык болот*); **говори́ть с акце́нтом** акцент менен сүйлөө; ◇ **сде́лать акце́нт** *на чём-л.* кандайдыр бир ойду көрсөтө айтуу, *бир нерсеге айрыкча көңүл буруу*.

**АКЦЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* **1.** *грам.* бир нерсени басым менен айтуу; **2.** *полигр.* басымды көрсөтүүчү белги коюу; **3.** *перен.* кандайдыр бир ойду, пикирди көрсөтө айтуу, башкалардан бөлүп көрсөтүү.

**АКЦЕ'ПТ** *м. фин.* акцепт (*счёт боюнча акча төлөөгө макул болуу жана бул макулдук жөнүндө төлөө документинин үстүнө жазылган жазуу*).

**АКЦЕПТОВА'ТЬ** *сов. и несов. что, фин.* акцептөө (*счётту төлөө үчүн алуу жана төлөөгө макулдугу жөнүндө документтин үстүнө жазуу*).

**АКЦИ'З** *м.* акциз (*падышалык Россияда жана капиталисттик өлкөлөрдө — кеңири керек кылынуучу кээ бир продуктылардан алынуучу кыйыр налог*).

**АКЦИ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **акциз**-*ге т.*; акциздик; **акци́зный сбор** акциздик жыйым.

**АКЦИОНЕ'Р** *м.* акционер (*акционердик ишкананын өзөрлөрүнүн бири, акция ээси*).

**АКЦИОНЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое **акция**-*га т.*; акционердик; **акционе́рное о́бщество** акционердик коом; **акционе́рный капита́л** акционердик капитал.

**А'КЦИЯ** I *ж. эк.* **1.** акция (*капиталисттик ишканага айрым капиталисттер кошо турган (бере турган) үлүш, пай; ушул пайга барабар болгон баалуу кагаз*); **2.** *перен.* таасир, маани, кадыр; **их а́кции па́дают** алардын кадыры кетип, таасири төмөндөп баратат.

**А'КЦИЯ** II *ж. полит.* акция (*кандайдыр максатка жетүү үчүн иштелген аракет*)

**АКЫ'Н** *м.* акын.

**АЛБА'НЕЦ** *м.* албан, албанец.

**АЛБА'НКА** *женск. р. к* **алба́нец;** албанка.

**АЛБА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Албания**-*га*, **албанец**-*ке т.*; **алба́нский язы́к** албан тили.

**АЛБА'НЦЫ** *мн.* албандар, албанецтер.

**А'ЛГЕБРА** *ж.* алгебра.

**АЛГЕБРАИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **алгебра**-*га т.*; алгебралык; **алгебраи́ческие фо́рмулы** алгебралык формулалар.

**АЛЕБА'СТР** *м.* алебастр (*гипстин бир түрү*).

**АЛЕБА'СТРОВЫЙ,** -ая, -ое **алебастр**-*га т.*; **алеба́стровый заво́д** алебастр заводу; **алеба́стровые ва́зы** алебастрдан жасалган вазалар.

**АЛЕ'ТЬ** *несов.* **1.** (*становиться алым*) кызаруу, кызгылт тартуу, мала кызылдануу; **восто́к але́л** чыгыш кызарып турду; **2.** (*виднеться — о чём-л. алом*) кызарып көрүнүү, мала кызылданып көрүнүү.

**А'ЛИБИ** *ср. нескл. юр.* алиби (*кылмыш кылынган учурда айыпталуучунун так ошол жерде болбогондугу; бул — ошол айыпталуучунун кылмышка катышпаганына далил болот*); **доказа́ть своё а́либи** өзүнүн алибисин далилдөө.

**АЛИЗАРИ'Н** *м. хим.* ализарин (*боёктун бир түрү*).

**АЛИЗАРИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **ализарин**-*ге т.*; **ализари́новые черни́ла** ализарин сыя, ализаринден жасалган сыя; **ализари́новые кра́ски** ализарин боёктор.

**АЛИМЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое **алименты**-*га т.*

**АЛИМЕ'НТЫ** *только мн.* алимент (*үй-бүлөнүн эмгекке жарабаган мүчөлөрүнө (балдарга, эне-аталарга ж. б.) алар менен бир тууганддык жакындыгы бар кишилер тарабынан законго ылайык төлөнүүчү каражаттар*); **плати́ть алиме́нты** алимент төлөө; **получа́ть алиме́нты** алимент алуу.

**АЛКОГОЛИ'ЗМ** *м.* алкоголизм (*спирттүү ичкиликке абдан берилип кетүү; пьянкечтик*).

**АЛКОГО'ЛИК** *м.* алкоголик (*аракеч, пьянкеч*).

**АЛКОГО'ЛЬ** *м.* алкоголь (*спирт жана спирттүү башка ичкиликтер*).

**АЛКОГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое алкоголдуу, алкоголу бар; **алкого́льные напи́тки** алкоголдуу ичкиликтер.

**АЛЛА'Х** *м.* алда (*мусулмандардын кудайы*); ◇ **алла́х его́ зна́ет** *или* **одному́ алла́ху изве́стно** *разг.* ким билет!, билбейм, такыр белгисиз.

**АЛЛЕГОРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое аллегориялык, кайманалуу.

**АЛЛЕГО'РИЯ** *ж.* **1.** *лит., иск.* аллегория (*адабиятта, сүрөттөөчү искусстводо абстракттуу түшүнүктү конкреттүү образдар аркылуу көрсөтүү, түшүндүрүү*); **2.** *перен.* каймана сөз.

**АЛЛЕ'ГРО** *муз.* **1.** *нареч.* аллегро (*жандуу, тез ойноолуу*); **2.** *ср. нескл.* аллегро (*ушундай ойнолуучу музыкалык пьеса*).

**АЛЛЕ'Я** *ж.* аллея *эки жагына жыгач тигилген жол*); **широ́кая алле́я тополе́й** эки жагына терек тигилген кең аллея.

**АЛЛИГА'ТОР** *м. зоол.* аллигатор (*крокодилдин бир түрү; бул — түштүк Кытайда жана Түндүк Америкада болот*).

**АЛЛИТЕРА'ЦИЯ** *ж. лит.* аллитерация (*сулуулук жана кооздук үчүн, уккулуктуу болуу үчүн сөздөрдө бир үнсүз тыбыштын кайталаай бериши, мис. жай-жарагын жайланып*.

www.bizdin.kg

**АЛЛО'** *межд.* алло (*телефонго чакырылган кишинин «угуп жатамын» деген маанидe айтуучу сөзү*).
**АЛЛОПА'Т** *м.* аллопат (*дарылоонун кадимки системасын колдонуучу врач*).
**АЛЛОПА'ТИЯ** *ж. мед.* аллопатия (*дарылоонун кадимки системасы*).
**АЛЛОТРО'ПИЯ** *ж. хим.* аллотропия (*кристаллдын бир нече түрлөрүн жасай турган, кайсы бир химиялык элементтердин касиети*).
**АЛЛЮ'Р** *м.* аллюр (*аттын жүрүшүнүн түрлөрү*).
**АЛМА'З** *м.* алмаз (1. *асыл таштын бир түрү*; 2. *тех. алмаздын бир түрү коюлган, айнек кесүүчү аспап*).
**АЛМА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **алмаз**-*га т.*; **алма́зное украше́ние** алмаздан жасалган кооздук.
**АЛОГИ'ЗМ** *м. филос.* алогизм, логикасыздык (*логикага каршы келүүчү ой*).
**АЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое логикалык эмес, логикага туура келбеген.
**АЛОГИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **алоги́ческий.**
**АЛО'Э** *ср. нескл.* алоэ (*өсүмдүктүн бир түрү*).
**АЛТА'ЕЦ** *м.* алтайлык.
**АЛТА'ЙКА** *женск. р. к* **алта́ец;** алтайка.
**АЛТА'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Алтай**-*га*, **алтаец**-*ке т.*
**АЛТА'ЙЦЫ** *мн.* алтайлыктар.
**АЛТА'РЬ** *м.* алтарь (*чиркөөнүн төрү, төркү бөлүмү*); ◇ **принести́ (же́ртву) на алта́рь оте́чества** родина үчүн жан кыюу, эч нерсени аябоо.
**АЛТЫ'Н** *м. уст.* үч тыйын; ◇ **не́ было ни гроша́, да вдруг алты́н** *погов.* күтпөгөн жерден байлык (*сокур тыйыны жок болуп туруп эле, кокусунан бай болуп калуу*).
**АЛФАВИ'Т** *м.* алфавит; **по алфави́ту** алфавит боюнча.
**АЛФАВИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **алфавит**-*ке т.*; **расположи́ть в алфави́тном поря́дке** алфавит тартиби менен жайлаштыруу.
**АЛХИ'МИК** *м. ист* алхимик (*алхимия менен иришүүчү адам*).
**АЛХИ'МИЯ** *ж. ист.* алхимия (*орто кылымдарда жөнөкөй металлды «философиялык таш» деп аталган нерсенин жардамы менен алтынга айландыруу жолдорун издеген мистикалык илим*).
**А'ЛЧНО** *нареч.* ач көздүк менен, ач көздүк кылып.
**А'ЛЧНОСТЬ** *ж.* ач көздүк.
**А'ЛЧНЫЙ,** -ая, -ое ач көз.
**А'ЛЫЙ,** -ая, -ое кызыл, ачык кызыл; **а́лая кровь** кызыл кан; **а́лые знамёна** ачык кызыл туулар.
**АЛЫЧА'** *ж. бот.* алча (*жыгачы жана анын жемиши*).
**АЛЬБАТРО'С** *м. зоол.* альбатрос (*ири деңиз куштун бир түрү*).
**АЛЬБИНИ'ЗМ** *м. мед.* альбинизм (*пигмент жетишпегендиктен теринин жана чачтын же түктүн агарып кетиши*).
**АЛЬБИНО'С** *м. мед.* альбинос (*альбинизм менен ооруучу адам же айбан*).
**АЛЬБО'М** *м.* альбом (*арасына сүрөттөр, маркалар ж. б. жабыштырылуучу, коюлуучу же беттерине ыр жазылуучу китеп же дептер*).
**АЛЬБО'МНЫЙ,** -ая, -ое **альбом**-*го т.*
**АЛЬБУМИ'Н** *м. биол., хим.* альбумин (*жумуртканын агын же канды кургатуу аркылуу алына турган белоктук зат*).
**АЛЬМАНА'Х** *м.* альманах (*ар түрдүү авторлордун адабий чыгармаларынын жыйнагы*).
**АЛЬПИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое: **альпи́йские расте́ния** альпы өсүмдүктөрү (*жапы бийик тоолордо, жайлоолордо чыгуучу чөптөр*).
**АЛЬПИНИА'ДА** *ж. спорт.* альпиниада (*альпинисттердин массалык жүрүшү*).
**АЛЬПИНИ'ЗМ** *м.* альпинизм (*бийик тоонун мөңгүлөрүнө чыгуу спорту*).
**АЛЬПИНИ'СТ** *м.* альпинист (*альпинизм менен иришүүчү адам; тоо туристи*).
**АЛЬПИНИ'СТКА** *женск. р. к* **альпини́ст;** альпинистка.
**АЛЬТ** *м. муз.* альт (1. *аял же баланын жоон үнү*; 2. *скрипкадан саал чоңураак, кылдуу инструмент*).
**АЛЬТЕРНАТИ'ВА** *ж.* альтернатива (*мүмкүн болгон эки чечимдин бирөөн тандап алуу зарылдыгы*).
**АЛЬТЕРНАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое альтернативалуу, альтернативалык; **альтернати́вные сужде́ния** *филос.* альтернативалык ой жүгүртүү; **альтернати́вное реше́ние** альтернативалык (альтернативалуу) чечим.
**АЛЬТИМЕ'ТР** *м. ав.* альтиметр (*бийиктикти өлчөөчү прибор*).
**АЛЬТИ'СТ** *м.* альтист (*альтта ойноочу музыкант*).
**АЛЬТО'ВЫЙ,** -ая, -ое **альт**-*ка т.*; **альто́вый ключ** альт ключу.
**АЛЬТРУИ'ЗМ** *м.* альтруизм (*башкалар үчүн жан-дили менен кам жечүлүк; башка бирөө үчүн өз таламдарынан да баш тартууга даярдык*).
**АЛЬТРУИ'СТ** *м.* альтруист (*өз ишинде альтруизмди колдонуучу киши*).
**АЛЬТРУИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое альтруисттик.
**АЛЬТРУИСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **альтруисти́ческий.**
**АЛЬТРУИ'СТКА** *женск. р. к* **альтруи́ст.**
**А'ЛЬФА** *ж.* альфа (*грек алфавитинин биринчи тамгасы*); ◇ **а́льфа и оме́га** башы жана аягы; **от а́льфы до оме́ги** башынан аягына чейин, баары толук бойдон.
**А'ЛЬФА-ЛУЧИ'** *только мн. физ.* альфа-шоолалар (*радиоактивдүү элементтерден чыгуучу положительный бөлүкчөлөрдүн агыны*).
**А'ЛЬФА-ЧАСТИ'ЦЫ** *только мн. физ.* альфа-бөлүкчөлөр (*гелийдин атомунун ядросу*).
**АЛЮМИ'НИЕВЫЙ,** -ая, -ое **алюминий**-*ге т.*; **алюми́ниевая промы́шленность** алюминий өнөр жайы; **алюми́ниевая посу́да** алюминийден жасалган идиш, алюминий идиш.
**АЛЮМИ'НИЙ** *м.* алюминий (*күмүш түстүү жеңил металлдын бир түрү*).
**АЛЯПОВА'ТО** *нареч.* сырткы көрүнүшү одоно, одуракай, көрксүз.
**АЛЯПОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое сырткы көрүнүшү одоно, одуракай, көрксүз.
**АМАЗО'НКА** *ж.* амазонка (1. *миф. байыркы гректердин мифологиясында — согушчан аялдар уруусу*; 2. *уст. атчан аял*; 3. *уст. аялдардын атчан жүрүүгө ылайыкталган узун көйнөгү*).
**АМАЛЬГА'МА** *ж.* амальгама (1. *хим. бир металл менен сымаптын кошундусу*; 2. *перен. ар түрдүү нерселердин, идеялардын аралашып кетиши, кошул-ташыл болуп кетиши*).
**АМАЛЬГАМИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, хим.* амальгамалоо (1. *металлды сымапка салып эритүү, амальгама чыгаруу, жасоо*; 2. *руданы сымап менен аралаштырып, андан алтын же күмүшүн ажыратуу*).
**АМБА'Р** *м.* кампа (*дан, эгин сакталуучу жай*).
**АМБИ'ЦИЯ** *ж.* өзүн сүйүүчүлүк, намыскөйлүк; **челове́к с амби́цией** *ирон.* өзүн сүйүүчү адам; ◇ **вломи́ться (уда́риться) в амби́цию** *разг.* мурдун көтөрүү, бой көтөрүү, намыскөйлүк кылуу.
**А'МБРА** *ж.* жыпар жыт, жакшы жыт.
**АМБРАЗУ'РА** *ж.* амбразура (1. *воен. крепосттордогу, чептердеги, кемедеги замбирек же мылтык атуу үчүн жасалган тешик*; 2. *тамдагы терезе же эшик үчүн жасалган тешик*).
**АМБУЛАТО'РИЯ** *ж.* амбулатория (*келип кетүүчү оорулуларды дарылоочу оорукана*).
**АМБУЛАТО'РНЫЙ,** -ая, -ое **амбулатория**-*га т.*; амбулаториялык; **амбулато́рный приём** амбулаторияга ооруларды кабыл алуу, амбулаторияда ооруларды карос;

www.bizdin.kg

**амбулато́рный больно́й** амбулаториялык оору (*дарылануу үчүн амбулаторияга келип кетүүчү оору адам*).

**АМЁБА** *ж. зоол.* амёба (*көзгө илээшпеген, микроскоп аркылуу гана көрүнө турган бир клеткалуу жаныбар*).

**АМЕРИКА'НЕЦ** *м.* американец, америкалык.

**АМЕРИКА'НКА** *женск. р. к* **америка́нец**; американка.

**АМЕРИКА'НСКИЙ**, -ая, -ое **Америка**-*га*, **америка́нец**-*ке т.*; америкалык.

**АМЕРИКА'НЦЫ** *мн.* американецтер, америкалыктар.

**АМЕТИ'СТ** *м. мин.* аметист (*асыл таштын бир түрү*).

**АМЕТИ'СТОВЫЙ**, -ая, -ое **аметист**-*ке т.*

**АММИА'К** *м. хим.* аммиак (*азот менен водороддун кошулганынан келип чыккан түссүз, жыты жаман газ*).

**АММИА'ЧНЫЙ**, -ая, -ое *хим.* аммиактык, аммиактуу, аммиагы бар.

**АММО'НИЙ** *м. хим.* аммоний (*азот менен водороддун кошулушу*).

**АМНИСТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого, юр.* амнистиялоо, амнистия кылуу, кечирүү, күнөөнү кечүү.

**АМНИ'СТИЯ** *ж. юр.* амнистия, кечирим (*кылмышкерлердин жазасын мамлекеттик жогорку бийликтин чечими боюнча жеңилдетүү же толук кечирүү*).

**АМОРА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* моралсыздык (*ахлаксыздык, бузукулук*).

**АМОРА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое моралсыз (*ахлаксыз, бузуку*); **амора́льное поведе́ние** моралсыз жүрүш-туруш.

**АМОРТИЗА'ТОР** *м. тех.* амортизатор (*силкинүүнүн, урунуп-берингүүнүн, ышкылуунун күчүн азайтуу үчүн автомобилге, самолётко ж. б. орнотулган прибор*).

**АМОРТИЗАЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **амортизация**-*га т.*; амортизациялык; **амортизацио́нный срок** *эк.* амортизациялык срок; **амортизацио́нные отчисле́ния** *эк.* амортизациялык отчисленнелер; **амортизацио́нное устро́йство** *тех.* амортизациялык түзүлүш.

**АМОРТИЗА'ЦИЯ** *ж.* амортизация (1. *эк. машиналардын, имараттардын ж. б. эскирген бөлүктөрүнүн наркына барабар болгон сумманы отчисление кылуу аркылуу ошол машиналардын, имараттардын жана башкалардын наркын бара-бара толук төлөө*; 2. *фин. убакты-убакты менен взносттор берүү же милдеттенмелерди сатып алуу аркылуу, узак сроктуу заёмдорду бара-бара төлөө*; 3. *тех. автомобиль жүргөн кезде, самолёт конгон кезде ж. б. урунуп-берингүүлөрдүн, ышкылуулардын күчүн азайтуу*).

**АМОРТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* амортизациялоо, амортизация өткөрүү.

**АМО'РФНЫЙ**, -ая, -ое аморфтуу (1. *хим., мин. түзүлүшү кристалл формасында болбогон нерсе*; 2. *лингв. тил жөнүндө — өзгөрүү формалары болбогон*; 3. *перен. формасыз, калыпсыз*).

**АМПЕ'Р** *м. физ.* ампер (*электр тогунун күчүн өлчөө единицасы*).

**АМПЕРМЕ'ТР** *м. физ., тех.* амперметр (*электр тогунун күчүн өлчөөчү прибор*).

**АМПЛИТУ'ДА** *ж. физ.* амплитуда (*теңселүү көлөмү, нерсенин тең салмакта турган ордунан эң алыс чайпалуусу, теңселүүсү*); **амплиту́да колеба́ния ма́ятника** маятниктин теңселүү амплитудасы.

**АМПЛУА'** *ср. нескл.* 1. *театр.* амплуа (*артисттин касиеттерине жараша ролдордун болгон мүнөзү*); **амплуа́ ко́мика** комиктин амплуасы; 2. *перен.* амплуа (*жалпы эле роль, ал-абал, аткара турган иштин көлөмү, мүнөзү*).

**А'МПУЛА** *ж.* ампула (*ичине дары, ууланткыч заттар ж. б. салып оозу ачылгыс кылып бүтөлгөн шише*).

**АМПУТА'ЦИЯ** *ж. мед.* ампутация (*оорулуу колду, бутту же анын бөлүктөрүн кесип таштоо*).

**АМПУТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* ампутациялоо; **ампути́ровать но́гу** бутту ампутациялоо.

**АМУЛЕ'Т** *м. уст.* тумар.

**АМУНИ'ЦИЯ** *ж. собир. воен. уст.* амуниция (*аскер кызматындагы адамдын мылтык жана кийимден башка жарак-жабдыктары*).

**АМФИ'БИЯ** *ж.* амфибия (1. *зоол. кургакта да, сууда да жашоочу жаныбарлар, мис. бака; анын личинкалары бакалоору менен дем алат да, чоңойгондо өпкөсү менен дем алат*; 2. *бот. кургакта да, сууда да өсүүчү өсүмдүк*; 3. *ав. жерден да, суудан да учуп, сууга да, жерге да коно бере турган самолёт; дарыядан, көлдөн ж. б. кечип кете турган танк, автомобиль*).

**АМФИБРА'ХИЙ** *м. лит.* амфибрахий (*ырдагы басымы экинчи муунда болгон үч муундуу стопа*).

**АМФИТЕА'ТР** *м.* амфитеатр (*театрларда, концерттик залдарда ж. б. — партердин артындагы көтөрүңкү жайдагы орундар*).

**АН** *союз прост.* көрчү, карачы; **я ду́мал, ты его́ забы́л, ан, ви́дно, нет** сен аны унутуп койдуң го деп ойлогон элем, карачы, унутпаптырсың.

**АНАБИО'З** *м. биол.* анабиоз (*организмдин жашоо шкемдигинин убактылуу токтолушу жана кайтадан жашоо калыбына келүү мүмкүндүгү*).

**АНА'ЛИЗ** *м.* анализ (*талдоо*); **хими́ческий ана́лиз** химиялык анализ; **ка́чественный ана́лиз** сапатын анализдөө, сапаттык анализ; **ана́лиз кро́ви** кандын анализи, канды анализ кылуу; **производи́ть ана́лиз** анализ жасоо; **подверга́ть ана́лизу** анализдеп көрүү, анализ жасоо.

**АНАЛИЗА'ТОР** *м.* анализатор (1. *тех. анализ жүргүзүүчү прибор*; 2. *физиол. мээнин белгилүү бөлүгүнө байланыштуу жана нерв жолдору менен байланыштыруучу сезүү органы; сырткы айланадан келген восприятиелерди кабыл алат жана тарапат*).

**АНАЛИЗИ'РОВАНИЕ** *ср.* анализдөө, анализ кылуу, анализ жасоо, талдоо.

**АНАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* анализдөө, анализ кылуу, анализ жасоо, талдоо.

**АНАЛИ'ТИК** *м.* аналитик (*ар түрдүү анализ жасоочу специалист*).

**АНАЛИТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое 1. (*основанный на применении анализа*) анализдик; **аналити́ческий ме́тод** анализдик метод; 2. (*обладающий способностью анализировать*) анализдөөгө жөндөмдүү; **аналити́ческий ум** анализдөөгө жөндөмдүү акыл; 3. (*служащий для анализа*) анализдик (*анализ жасоо үчүн колдонулуучу*); **аналити́ческие весы́** анализдик тараза; ◇ **аналити́ческая хи́мия** аналитикалык химия; **аналити́ческая геоме́трия** аналитикалык геометрия; **аналити́ческие языки́** *лингв.* аналитикалык тилдер (*бул тилдерде — сүйлөмдөгү сөздөрдүн ортосундагы байланыш сөздөрдүн формасы менен эмес, көмөкчү сөздөр менен же сөздөр тартиби ж. б. менен берилет, мис. кытай тили*).

**АНАЛОГИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое окшош, кебетелеш, түрдөш; **аналоги́чный слу́чай** окшош учур, окшош окуя; **аналоги́чные явле́ния** окшош кубулуштар.

**АНАЛО'ГИЯ** *ж.* аналогия (*предметтердин, кубулуштардын жана түшүнүктөрдүн ортосундагы окшоштук*); **по́лная анало́гия** толук аналогия (*толук окшоштук*); **по анало́гии** аналогиясы боюнча, аналогия боюнча; **провести́ анало́гию** аналогия жүргүзүү.

**АНАНА'С** *м. бот.* ананас (*жыгачы жана анын жемиши*).

**АНАНА'СНЫЙ**, -ая, -ое **ананас**-*ка т.*

**АНАНА'СОВЫЙ**, -ая, -ое *см.* **анана́сный**.

**АНА'ПЕ'СТ** *м. лит.* анапест (*ырда — басымы эң кийинки муунда болуучу үч муундуу стопа*).

**АНАРХИ'ЗМ** *м.* анархизм (1. *полит. майда буржуазиялык реакциялык агым; бул агым мамлекеттин кандайынын болсо да, ошонун ичинде пролетариат диктатурасынын да зарыldыгын, пролетардык партиянын уюшулган саясий күрөшүнүн жана жетекчилик ролунун зарылдыгын та-*

www.bizdin.kg

*нат;* **2.** *перен. ээнбаштык, авторитетти тоотпоочулук; тартипке, дисциплинага моюн сунбоочулук).*

**АНАРХИ'СТ** *м.* анархист (**1.** *полит. анархизмди жактоочу адам; анархисттик уюмдун мүчөсү;* **2.** *перен. разг. дисциплинага моюн сунбоочу адам, дезорганизатор).*

**АНАРХИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **анархист**-*ке т.;* анархисттик.

**АНАРХИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **анархия**-*га т.;* анархиялык.

**АНАРХИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое анархиялуу (*иретсиз, тартипсиз, дисциплинасыз).*

**АНА'РХИЯ** *ж.* анархия (**1.** *полит. ар кандай мамлекеттик бийликти тануу;* **2.** *перен. тартипсиздик, иретсиздик, ээнбаштык);* ◇ **ана́рхия произво́дства** өндүрүш анархиясы (*коомдук өндүрүш өрчүшүндө капиталисттик чарбада сөзсүз боло турган тартипсиздик, плансыздык, баш аламандык).*

**АНА'РХО-СИНДИКАЛИ'ЗМ** *м. полит.* анархо-синдикализм (*профсоюздук кыймылдагы майда буржуазиялык оппортунисттик агым — анархизмдин идеялык таасири астында туруучу, профсоюздарды (синдикаттарды) жумушчулардын бирден-бир уюму деп эсептөөчү, жумушчу табынын саясий күрөшүнүн зарылдыгын, пролетариат мамлекетинин жана пролетариат диктатурасынын зарылдыгын тануучу агым).*

**АНА'РХО-СИНДИКАЛИ'СТ** *м. полит.* анархо-синдикалист (*анархо-синдикализмдин жактоочусу).*

**АНА'ТОМ** *м.* анатом (*анатомия боюнча окумуштуу специалист).*

**АНАТОМИ'РОВАНИЕ** *ср.* анатомирдөө.

**АНАТОМИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* анатомирдөө (*илимий максат менен өлүктү союу).*

**АНАТОМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **анатомия**-*га т.;* анатомиялык; **анатоми́ческое иссле́дование** анатомиялык изилдөө; ◇ **анатоми́ческий а́тлас** анатомиялык атлас (*адамдын организминин жана дененин айрым мүчөлөрүнүн сүрөттөрүнүн жыйындысы).*

**АНАТО'МИЯ** *ж.* анатомия (*организмдердин түзүлүшүн изилдөөчү илим);* **анато́мия челове́ка** кишинин анатомиясы, адамдын анатомиясы; **анато́мия расте́ний** өсүмдүктөрдүн анатомиясы.

**АНА'ФЕМА** *ж.* **1.** *церк.* динден чыгарып жиберүү; **2.** *уст. разг.* каргыш тийгир, кудайдын каары.

**АНАХОРЕ'Т** *м.* анахорет (**1.** *уст. дүйнөдөн безген киши;* **2.** *перен. жалгыздыкта жашоочу киши).*

**АНАХРОНИ'ЗМ** *м.* анахронизм (**1.** *бир доордо болгон окуяны каталашып экинчи бир окуяга таандык деш;* **2.** *перен. эскирген көз караш; эскирген үрп-адат; эски убакыттын саркындылары, калдыктары).*

**АНГАЖЕМЕ'НТ** *м. театр. уст.* ангажемент (*артистти договор боюнча белгилүү срокко иштөөгө чакыруу);* **получи́ть ангажеме́нт** ангажемент алуу.

**АНГАЖИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что, уст.* **1.** *театр.* ангажементтөө, ангажемент менен чакыруу; **2.** (*пригласить на танец*) аялды бийлөөгө чакыруу.

**АНГА'Р** *м. ав.* ангар (*самолёттор сакталуучу жана туруучу үй).*

**АНГА'РНЫЙ,** -ая, -ое **ангар**-*га т.;* **анга́рное иму́щество** ангар мүлктөрү.

**А'НГЕЛ** *м.* периште.

**А'НГЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **ангел**-*ге т.;* **а́нгельское терпе́ние** *перен.* периште сабырдуулук (*абдан сабырдуулук-токтоолук).*

**АНГИДРИ'Д** *м. хим.* ангидрид (*суусуз окисел, бул — сууга кошулганда кислота болот).*

**АНГИДРИ'Т** *м. хим.* ангидрит (*суусуз күкүрт кычкыл кальций, бул — сууга кошулса, гипс болот).*

**АНГИ'НА** *ж. мед.* ангина (*тамак оорунун бир түрү).*

**АНГЛИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Англия**-*га,* **англичанин**-*ге т.;* англиялык; **англи́йский язы́к** англичан тили; ◇ **англи́йская була́вка** төөнөгүч; **англи́йская соль** *мед.* англиялык туз (*ич алдыргыч).*

**АНГЛИЧА'НЕ** *мн.* англичандар, англичанидер.

**АНГЛИЧА'НИН** *м.* англичан, англичанин.

**АНГЛИЧА'НКА** *женск. р. к* **англича́нин;** англичанка.

**А'НГЛО-АМЕРИКА'НСКИЙ,** -ая, -ое англо-американдык.

**АНГО'РСКИЙ,** -ая, -ое ангордук; **анго́рская коза́** ангордук эчки (*уяң жана узун жүндүү эчкинин бир түрү).*

**АНДА'НТЕ** *муз.* **1.** *нареч.* анданте (*көшүгүн, мелүүн темп);* **2.** *ср. нескл.* анданте (*көшүгүн ойнолуучу пьеса).*

**АНЕКДО'Т** *м.* анекдот (**1.** *кызык окуя жөнүндө айтылган күлкүлүү, көбүнчө калп аралашкан кыскача аңгеме;* **2.** *перен. разг. кызык окуя).*

**АНЕКДОТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **анекдоти́чный.**

**АНЕКДОТИ'ЧНЫЙ,** -ая -ое **анекдот**-*ко т.;* анекдоттук; **анекдоти́чный слу́чай** анекдоттук (күлкүлүү) окуя.

**АНЕМИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* анемиялык (*аз кандуу).*

**АНЕМИ'Я** *ж. мед.* анемия (*аз кандуулук, каны аздык).*

**АНЕМО'МЕТР** *м. метеор.* анемометр (*шамалдын тездигин жана күчүн өлчөөчү прибор).*

**АНЕРО'ИД** *м. метеор.* анероид (*металлдан жасалган барометр).*

**АНЕСТЕЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, мед.* анестезиялоо (*ооруганын сезилбей турган кылуу).*

**АНЕСТЕЗИ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ее *мед.* **1.** *прич. от* **анестези́ровать; 2.** *прил.* анестезиялоочу (*оорутпай турган дары, ооруган жерди сездирбей турган дары);* **анестези́рующие сре́дства** анестезиялоочу дарылар.

**АНЕСТЕЗИ'Я** *ж. мед.* анестезия, анестезиялоо, анестезия кылуу (*оорутпоо, ооруган жерди сездирбөө);* **ме́стная анестези́я** дененин бир жерин анестезиялоо, дененин бир жерине анестезия кылуу.

**АНИЛИ'Н** *м. хим.* анилин (*түссүз майлуу органикалык суюктук).*

**АНИЛИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **анилин**-*ге т.;* анилиндүү; **анили́новое произво́дство** анилин өндүрүшү; **анили́новые кра́ски** анилиндүү боёктор.

**АНИМИ'ЗМ** *м.* анимизм (*бардык нерседе жан бар деп түшүнүүчүлүк, мындай түшүнүк байыркы адамдарда болгон).*

**АНИ'С** *м. бот.* анис (**1.** *жакшы жыттуу өсүмдүк жана анын уругу;* **2.** *алманын бир сорту).*

**АНИ'СОВКА** *ж.* анисовка (**1.** *алманын бир сорту;* **2.** *ичине анис салынган арак же анистин ширеси кошулган арак).*

**АНИ'СОВЫЙ,** -ая, -ое **анис**-*ке т.;* **ани́совое ма́сло** анис майы (*анис уругунан алынган май).*

**А'НКЕР** *м.* анкер (**1.** *саат механизминин бир бөлүгү — маятниктин регулятору;* **2.** *тех. кирпичтен жасалган дубалды бекитүү үчүн колдонулуучу темир болт же скоба).*

**А'НКЕРНЫЙ,** -ая, -ое **анкер**-*ге т.;* анкердүү, анкердик; **часы́ на а́нкерном ходу́** анкердүү саат; **а́нкерные болты́** анкердик болттор.

**АНКЕ'ТА** *ж.* анкета (*белгилүү бир маалыматтар алуу үчүн суроолор жазылган кагаз);* **запо́лнить анке́ту** анкета толтуруу.

**АНКЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **анкета**-*га т.;* анкеттик; **анке́тные све́дения** анкеттик маалыматтар.

**АННА'ЛЫ** *только мн.* анналдар; *см.* **ле́топись.**

**АННЕКСИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, полит.* аннексиялоо, аннексия кылуу.

**АННЕ'КСИЯ** *ж. полит.* аннексия (*бир өлкөнү же анын бир бөлүгүн зордук кылып тартып алуу, басып алуу).*

**АННОТА'ЦИЯ** *ж.* аннотация (*китептин же кол жазманын кыскача мазмуну).*

www.bizdin.kg

**АННОТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* аннотациялоо, аннотация түзүү.

**АННУЛИ'РОВАНИЕ** *ср.* жоюу, жокко чыгаруу, жараксыз кылуу, жараксыз деп жарыялоо.

**АННУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* жоюу, жокко чыгаруу, жараксыз кылуу, жараксыз деп жарыялоо.

**АННУЛИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов.* жоюлуу, жокко чыгарылуу, жараксыз кылынуу, жараксыз деп жарыялануу.

**АНО'Д** *м. физ.* анод (*оң заряддалган электрод*).

**АНО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **анод**-*го т.*; аноддук; **ано́дная батаре́я** аноддук батарея.

**АНОМА'ЛИЯ** *ж.* аномалия (*кадыресе нормадан тайпылуу, четке кетүү*); **магни́тная анома́лия** магниттик аномалия (*ушул орунда жер магнетизминин кадыресе кубулуштарынан четке кетүү, бул — жерде магниттик кендердин көп болушу менен шартталат*).

**АНОМА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **аномалия**-*га т.*; аномалиялык; **анома́льное состоя́ние** аномалиялык абал.

**АНОНИ'М** *м.* аноним (*өз атын жашыруучу автор же кат жазган адам*).

**АНОНИ'МКА** *ж. разг.* анонимдүү кат, тоголок кат.

**АНОНИ'МНЫЙ,** -ая, -ое анонимдүү, тоголок, туюк (*автордун аты жазылбаган*); **анони́мное письмо́** анонимдүү кат, тоголок кат.

**АНО'НС** *м.* анонс (*боло турган спектакль, лекция ж. б. жөнүндө жарыялоо*).

**АНОНСИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* анонстоо, жарыялоо.

**АНОРМА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое нормалсыз, нормалдуу эмес (*жалпы нормадан четке чыгып кеткен*); **анорма́льное явле́ние** нормалсыз кубулуш.

**АНО'ФЕЛЕС** *м. зоол.* анофелес (*безгек чиркейи*).

**АНСА'МБЛЕВЫЙ,** -ая, -ое **ансамбль**-*ге т.*; ансамблдик.

**АНСА'МБЛЬ** *м.* 1. *театр.* ансамбль (*бирге ойноочу аткаруучулардын составы*); 2. ансамбль (*кандайдыр бир бүтүндүн бардык бөлүктөрүнүн бири-бирине шайкеш келиши, келишимдүү-келбеттүү бирдик*); **архитекту́рный анса́мбль** архитектуралык ансамбль.

**АНТАГОНИ'ЗМ** *м.* антагонизм (*таламдардын бири-бири менен такыр келишпес карама-каршылыгы*).

**АНТАГОНИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **антагонизм**-*ге т.*; антагонисттик.

**АНТАГОНИ'СТЫ** *мн.* (*ед.* **антагони́ст** *м.*) антагонисттер (*бири-бирине кас таптар же адамдар*).

**АНТА'РКТИКА** *ж. геогр.* Антарктика (*жер шарынын түштүк полярдык областы*).

**АНТАРКТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **Антарктика**-*га т.*; антарктикалык; **антаркти́ческий матери́к** антарктикалык материк.

**АНТЕ'ННА** *ж.* антенна (1. *радио толкундарын кармоо жана жөнгө салуу үчүн тартылып коюлган сымдар*; 2. *зоол. коңуз, аары, кумурска, ийнелик сыяктуу жаныбарлардын мурутчалары*).

**АНТИ-** *кээ бир сөздүн, уңгунун алдына жалгануучу мүчө, бул — каршылыкты же кастыкты көрсөтөт*; *мис.* **антисанита́рный** антисанитардык, санитарияга каршы.

**АНТИАЛКОГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое алкоголго каршы, алкоголизмге каршы; **антиалкого́льные сре́дства** алкоголго каршы чаралар (дарылар).

**АНТИВОЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое согушка каршы; **антиво́енная демонстра́ция** согушка каршы демонстрация.

**АНТИГИГИЕНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое антигигиеналык (*гигиенанын талаптарына каршы келе турган, ал талаптарга туура келбей турган; тазалыкка каршы*).

**АНТИГОСУДА'РСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое антимамлекеттик, мамлекетке каршы.

**АНТИИМПЕРИАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое антиимпериалисттик, империализмге каршы.

**АНТИКВА'Р** *м.* антиквар (*сейрек учуроочу китептерди, байыркы искусствонун предметтерин сатуучу адам*).

**АНТИКВАРИА'Т** *м.* антикварнат (*сейрек учуроочу эски китептерди, сүрөттөрдү жана ошол сыяктууларды сатуучу магазин*).

**АНТИКВА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*старинный и ценный*) антиквардык (*байыркы баалуу нерсе*); **антиква́рные кни́ги** антиквардык китептер; 2. (*торгующий старинными ценными предметами*) антиквардык (*байыркы баалуу предметтерге тиешелүү*); **антиква́рный магази́н** антиквардык магазин.

**АНТИКОММУНИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое антикоммунисттик, коммунизмге каршы.

**АНТИЛО'ПА** *ж.* антилопа (*ача туяктуу кепшөөчү айбандын бир түрү*).

**АНТИМАРКСИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое антимарксисттик (*марксизмге каршы багытталган, марксизмге кас*).

**АНТИМАТЕРИАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое антиматериалисттик (*материализмге каршы багытталган, материализмге кас; идеалисттик*).

**АНТИМИЛИТАРИ'ЗМ** *м.* антимилитаризм (*милитаризмге кас коомдук агым*).

**АНТИМИЛИТАРИ'СТ** *м.* антимилитарист (*милитаризмге каршы турган адам*).

**АНТИМИЛИТАРИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, ое антимилитаристтик.

**АНТИМО'НИЯ** *ж.*: **разводи́ть антимо́нии** *разг.* жок-барды сүйлөө.

**АНТИНАРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое элге каршы.

**АНТИНАУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое илимге каршы.

**АНТИНО'МИЯ** *ж. филос.* антиномия (*экөө тең туура деп таанылган эки ойдун (тезистин) ортосундагы каршылык*).

**АНТИОБЩЕ'СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое коомго каршы (*коомдун таламдарына каршы багытталган*); **антиобще́ственный посту́пок** коомго каршы кылган иш (жорук).

**АНТИПАРТИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое антипартиялык, партияга каршы.

**АНТИПАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое жийиркенткич, көзгө суук.

**АНТИПА'ТИЯ** *ж.* антипатия, жийиркенткичтик, көзгө сууктук; **я пита́ю (чу́вствую) к нему́ антипа́тию** *или* **он мне внуша́ет антипа́тию** мен аны жек көрөм, ал көзүмө суук көрүнөт.

**АНТИПО'ДЫ** *мн.* (*ед.* **антипо́д** *м.*) антиподдор (1. *геогр. жер шарынын бири-бирине карама-каршы турган пункттарында жашоочу адамдар*; 2. *перен. карама-каршы мүнөздүү жана карама-каршы көз караштагы адамдар*).

**АНТИРАБО'ЧИЙ,** -ая, -ее жумушчуларга каршы (*жумушчулардын таламдарына каршы*).

**АНТИРЕЛИГИО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое динге каршы; **антирелигио́зная пропага́нда** динге каршы пропаганда.

**АНТИСАНИТА'РНЫЙ,** -ая, -ое антисанитардык, санитарияга каршы (*санитариянын эрежелерин бузган*).

**АНТИСЕМИ'Т** *м.* антисемит (*еврейлерге кастык менен мамиле кылуучу адам*).

**АНТИСЕМИТИ'ЗМ** *м.* антисемитизм (*еврейлерге карата жасалма түрдө түзүлгөн улуттук жек көрүү, муну реакционерлер өздөрүнүн таптык жана саясий максаттары үчүн колдонот*).

**АНТИСЕМИ'ТСКИЙ,** -ая, -ое антисемиттик.

**АНТИСЕ'ПТИКА** *ж. мед.* антисептика (*микробдорду өлтүрө турган химиялык заттарды колдонуу аркылуу жараларды жугушсуз кылуу, жукпай турган кылуу*).

**АНТИСЕ'ПТИКИ** *только мн. мед.* антисептикада колдонуучу дарылар (*жуктурбоочу, ириңдетпөөчү дарылар*).

**АНТИСЕПТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое антисептикалык (*жугушсуз кылуучу*); **антисепти́ческие сре́дства** антисептикалык дарылар; *см.* **антисе́птики**.

www.bizdin.kg

**АНТИСОВЕ'ТСКИЙ,** -ая, -ое антисоветтик, советке каршы.

**АНТИТЕ'ЗА** *ж.* антитеза (1. *бири-бирине карама-каршы пикирлерди, ойлорду, көркөм образдарды салыштыруу;* 2. *карама-каршылык*).

**АНТИТЕ'ЗИС** *м. филос.* антитезис (*диалектикалык өрчүштүн процессинде башталгыч тезисти тануу*).

**АНТИФАШИ'СТ** *м.* антифашист.

**АНТИФАШИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое антифашисттик.

**АНТИФРИ'ЗЫ** *мн.* (*ед.* **антифри́з** *м.*) антифриздер (*абдан катуу суук болгон кезде, механизмдерди (мис. самолёттун механизмдерин) тоңуп калуудан сактоочу чаралар*).

**АНТИ'ХРИСТ** *м. христиан дининде — Иса пайгамбардын эң башкы жана акыркы душманы, ал «акыр заман» болор алдында келер имиш.*

**АНТИХУДО'ЖЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое көркөм эмес, көркөмү жок.

**АНТИЦИКЛО'Н** *м. метеор.* антициклон (*аба ырайы туруктуу болгон жогорку атмосфералык басымдын областы*).

**АНТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* античный дүйнө (*байыркы гректер, алардын дүйнөсү жана маданияты*).

**АНТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое античный, байыркы (*байыркы гректик же байыркы римдик коомдук түзүлүшкө, маданиятка, искусствого тийиштүү*); **анти́чный мир** античный дүйнө.

**АНТОЛО'ГИЯ** *ж. лит.* антология (*ар түрдүү авторлордун тандамалуу чыгармаларынын, көбүнчө ырларынын жыйнагы*); **антоло́гия кирги́зской поэ́зии** кыргыз поэзиясынын антологиясы.

**АНТО'НИМ** *м. лингв.* антони́м (*карама-каршы маанилүү сөздөр, мис. «чын» жана «жалган», «өөдө» жана «төмөн» ж. б.*).

**АНТО'НОВКА** *ж.* антоновка (*алманын бир сорту*).

**АНТРА'КТ** *м.* антракт (*спектаклде көшөгөлөрдүн ортосундагы же концерттин бөлүмдөрүнүн ортосундагы дем алыш*).

**АНТРАЦИ'Т** *м.* антрацит (*таш көмүрдүн жакшы сорту*).

**АНТРАЦИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **антраци́товый.**

**АНТРАЦИ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **антрацит**-*ке т.*; антрациттүү; **антраци́товые пласты́** антрациттүү катмарлар; **антраци́товые ко́пи** антрацит кени.

**АНТРЕПРЕНЁР** *м. театр.* антрепренёр (*капиталисттик өлкөлөрдө — мамлекеттик эмес, жеке адамга таандык театр, цирк сыяктуу оюн көрсөтө турган жайдын ээси, предприниматель*).

**АНТРЕСО'ЛИ** *мн.* антресоли (1. *үйдүн үстүңкү жарым этажы;* 2. *үйдү кеңитүү үчүн жасалган жогорку жарым кабаты*).

**АНТРОПО'ЛОГ** *м.* антрополог (*антропология жагынан специалист*).

**АНТРОПОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **антропология**-*га т.*; антропологиялык; **антропологи́ческие иссле́дования** антропологиялык изилдөөлөр.

**АНТРОПОЛО'ГИЯ** *ж.* антропология (*адамдын биологиялык жаратылышы тууралу илим*).

**АНТРОПОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое антропометриялык; **антропометри́ческие измере́ния** антропометриялык ченөөлөр (өлчөөлөр).

**АНТРОПОМЕ'ТРИЯ** *ж.* антропометрия (*антропологияда изилдөө методу — адамдын денесинин мүчөлөрүн ченөө, өлчөө*).

**АНТРОПОМОРФИ'ЗМ** *м.* антропоморфизм (*адамдардын алгачкы оюнун формасы, бул кезде — нерселерде, табияттын кубулуштарында, айбандарда адамдын касиеттери бар деп ойлошкон*).

**АНТУРА'Ж** *м. разг.* айланадагы шарт, чөйрө.

**АНФА'С** *нареч.* анфас (*бет маңдай, башкача айтканда, адамдын бет маңдайынан карагандагы көрүнүшү*); **сфотографи́ровать анфа́с** сүрөткө анфасын тартуу (түшүрүү).

**АНФИЛА'ДА** *ж.* анфилада (*эшиктери бир линия боюнча салынган комнаталардын узун катары*).

**АНЧА'Р** *м. бот.* анчар (*уу ширелүү жыгачтын бир түрү*).

**АНЧО'УС** *м.* анчоус (*майда балыктын бир түрү*).

**АНШЛА'Г** *м.* аншлаг (*спектаклге, концертке, лекцияга кирүү үчүн сатылуучу бардык билеттердин сатылып бүткөндүгү жөнүндө жарыялоо*).

**АНЮ'ТИНЫ ГЛА'ЗКИ** *мн. бот.* алагүл (*майда гүлдүн бир түрү*).

**АО'РТА** *ж. анат.* аорта (*колко тамыр*).

**АПАРТА'МЕНТЫ** *мн. уст.* апартамент (*чоң келбеттүү имарат*).

**АПАТИ'Т** *м. мин.* апатит (*фосфор-кычкыл кальций, хлор, фтор жана башкалардан турган минерал; мындан жер семирткич жасалат*).

**АПАТИ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **апатит**-*ке т.*; апатиттик; **апати́товые за́лежи** апатит кени.

**АПАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* сабыры суздук, шалпысы боштук, көңүл чөгөттүк.

**АПАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое сабыры суз, шалпысы бош, көңүл чөгөт.

**АПА'ТИЯ** *ж.* апатия, сабыры суздук, шалпысы боштук, көңүл чөгөттүк.

**АПЕЛЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *юр.* апелляция жазуу, даттануу; **апелли́ровать в вы́сшую инста́нцию** жогорку инстанцияга апелляция жазуу, жогорку инстанцияга даттануу; 2. *к кому-чему, перен.* кеңеш, жардам, калыстык сурап кайрылуу; **апелли́ровать к обще́ственному мне́нию** көпчүлүккө кайрылып, жардам, калыстык суроо, даттануу.

**АПЕЛЛЯЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **апелляция**-*га т.*; апелляциялык; **апелляцио́нная жа́лоба** апелляциялык даттануу.

**АПЕЛЛЯ'ЦИЯ** *ж. юр.* апелляция, даттануу (*кандайдыр бир чечим жөнүндө жогорку инстанцияга даттануу*).

**АПЕЛЬСИ'Н** *м.* апельсин (*жыгачы жана анын жемиши*).

**АПЕЛЬСИ'ННЫЙ,** -ая, -ое *см.* **апельси́новый.**

**АПЕЛЬСИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **апельсин**-*ге т.*; апельсиндик; **апельси́новое де́рево** апельсин жыгачы; **апельси́новый напи́ток** апельсин кошуп жасаган суусун, апельсиндик суусун.

**АПЛОДИ'РОВАТЬ** *несов. кому-чему* кол чабуу.

**АПЛОДИСМЕ'НТЫ** *только мн.* кол чабуулар; **бу́рные аплодисме́нты** дүркүрөгөн кол чабуулар; **взрыв аплодисме́нтов** дүркүрөгөн кол чабуулар.

**АПЛО'МБ** *м.* көтөрүлүү, кокураюу, керсейүү; **говори́ть с апло́мбом** көтөрүлүп, кокурайып сүйлөө.

**АПОГЕ'Й** *м.* апогей (*бир нерсенин өрчүшүнүн жогорку точкасы, жогорку баскычы*); **его́ тала́нт дости́г своего́ апоге́я** анын таланты өзүнүн апогейине жетти.

**АПОЛИТИ'ЗМ** *м.* аполитизм (*саясий турмушка катышпаска умтулуу; реакциялык идеологдордун эмгекчилерди өзүлөрүнө багытталган таптык көз караштарын жаап-жашыруунун формасы*).

**АПОЛИТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* саясатсыздык, саясаттан четте туруучулук (*коомдук-саясий турмушка катышуудан качуу; илимий жана адабий чыгармаларда, сүйлөнгөн сөздөрдө — саясий милдеттерге жана маселелерге көңүл бурбоо, аларды тоотпоо*).

**АПОЛИТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое саясатсыз, саясаттан четте турган; *см.* **аполити́чность.**

**АПОЛОГЕ'Т** *м.* апологет (*кандайдыр бир идеяны, окууну жактоочу*).

**АПОЛОГЕ'ТИКА** *ж.* апологетика (*кандайдыр бир адамды, окууну, коомдук түзүлүштү алдын ала эле жактай берүү, мактай берүү*).

www.bizdin.kg

**АПОЛО'ГИЯ** *ж.* апология (*кандайдыр бир кишини, окууну алдын ала жактоого арналган сөз, чыгарма*).

**АПОПЛЕКСИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **апоплексия**-*га т.*

**АПОПЛЕ'КСИЯ** *ж. мед.* апоплексия (*мээге кан куюлуп, шал болуп калуу*).

**АПО'РТ** *м.* апорт (*алманын бир сорту*).

**АПОСТЕРИО'РИ** *нареч. филос.* апостериори (*тажрыйбадан келип чыккан, фактынын, тажрыйбанын негизинде*).

**АПОСТЕРИО'РНЫЙ,** -ая, -ое *филос.* апостериордук.

**АПО'СТОЛ** *м.* апостол (1. *рел. мифкалык Ыйса пайгамбардын 12 шакиртинин, анын окуусун таратуучулардын бири;* 2. *перен. кандайдыр бир окуунун, кандайдыр бир идеянын абдан катуу жактоочусу*).

**АПОСТРО'Ф** *м.* апостроф (*жазууда — сөздүн бир тамгасынын үстү жагына коюлуучу, үтүр сыяктуу белги*).

**АПОФЕО'З** *м.* апофеоз (1. *кандайдыр бир адамды, окууну мактоо;* 2. *театр. кээ бир спектаклдердин акыркы салтанаттуу картинасы*).

**АППАРА'Т** I *м.* 1. *тех.* (*прибор, приспособление*) аппарат (*прибор, бир нерсеге оңтойлотулган нерсе*); **телефо́нный аппара́т** телефон аппараты; **фотографи́ческий аппара́т** фотографиялык аппарат, фотография аппараты; 2. *физиол.* аппарат (*организмдин кандайдыр бир кызматын аткаруучу органдар*); **пищевари́тельный аппара́т** ашты иштетип, сиңирүүчү аппарат (*ичек-карын*); ◇ **нау́чный аппара́т** илимий аппарат (*илимий эмгекке берилген комментарийлар, көрсөткүчтөр, библиография ж. б. түшүндүргүч эскертүүлөр*).

**АППАРА'Т** II *м.* (*органы управления*) аппарат (*башкаруу органдары*); **госуда́рственный аппара́т** мамлекеттик аппарат; **рабо́тать в центра́льном аппара́те** борбордук аппаратта иштөө.

**АППАРАТУ'РА** *ж. собир. тех.* аппаратура (*приборлор, бир ишке керек болгон бардык аппараттар*).

**АППЕНДИЦИ'Т** *м. мед.* аппендицит (*мөөндүн туюк учундагы өсмөнүн оорушу*).

**АППЕТИ'Т** *м.* 1. аппетит (*тамакты эңсөө, тамакка мейил тартуу*); **прия́тного аппети́та!** аппетит ачылсын!; **у меня́ нет аппети́та** тамакка көөнүм келбей (чаппай) турат; 2. *перен.* аппетит (*ач көздүк; арааны ачылгандык, сорголоктук*).

**АППЕТИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое аппетиттүү, эңсетердик, даамдуу.

**АППЛИКА'ЦИЯ** *ж.* аппликация (*негизги бир фондун үстүнө гүлдүү кездемеден, кагаздан, булгаарыдан кесип жабыштыруу аркылуу сүрөт жасоо, мис. казактардын текемети*).

**АПРЕ'ЛЬ** *м.* апрель.

**АПРЕ'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **апрель**-*ге т.*

**АПРИО'РИ** *нареч. филос.* априори (*тажрыйбага карабастан, тажрыйбага байланышсыз эле*); **суди́ть** *о чём-л.* **априо́ри** *бир нерсе жөнүндө* априори корутундуга келүү (ойлоо).

**АПРИО'РНЫЙ,** -ая, -ое *филос.* априордук; **априо́рное утвержде́ние** бир нерсени ушундай деп априордук айтуу (*фактыларга негиздебей эле ушундай деп айтуу*).

**АПРОБА'ЦИЯ** *ж.* апробация, апробациялоо, апробация кылуу (*бекитүү, жактыруу, макулдоо*); **апроба́ция семя́н** *с.-х.* үрөндөрдү апробация кылуу.

**АПРОБИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* апробациялоо, апробация кылуу.

**АПТЕ'КА** *ж.* аптека (*дарыкана*); ◇ **как в апте́ке** *разг.* эң эле туура, такма-так, точмо-точ.

**АПТЕ'КАРСКИЙ,** -ая, -ое **аптека**-*га т.*; аптекалык; **апте́карские това́ры** аптекалык товарлар, аптека товарлары.

**АПТЕ'КАРЬ** *м.* аптекарь (1. *аптекада иштеп, дары жасоочу кызматкер;* 2. *аптеканын ээси*).

**АПТЕ'ЧКА** *ж.* аптечка (*биринчи жардам көрсөтүү үчүн зарыл болгон дарылардын жыйындысы*); **доро́жная апте́чка** жол аптечкасы.

**АПТЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **аптека**-*га т.*; аптекалык; **апте́чный за́пах** аптека жыты.

**АР** *м.* ар (*аянттын метрдик өлчөөсү, бул — 100 квадраттык метрге барабар; гектардын жүздөн бир бөлүгү*).

**АРА'Б** *м.* араб.

**АРАБЕ'СК** *м.* арабеск; *см.* **арабе́ска.**

**АРАБЕ'СКА** *ж.* арабеска (*орнаменттин бир түрү*).

**АРАБИ'СТ** *м.* арабист (*араб тили жана араб маданияты боюнча специалист*).

**АРА'БКА** *женск. р.* **к ара́б;** арабка.

**АРА'БСКИЙ,** -ая, -ое **араб**-*ка т.*; **ара́бский язы́к** араб тили; ◇ **ара́бские ци́фры** араб цифралары (*азыркы СССР жана батыш элдери колдонуучу цифралар: 1, 2, 3 ж. б.*).

**АРА'БЫ** *мн.* арабдар.

**АРАКЧЕ'ЕВЩИНА** *ж.* аракчеевщина (1. *ист. одоно зордук-зомбулукка, ээн баштыкка, ырайымсыздыкка негизделген деспоттук реакциячыл режим; бул — падыша Александр I кезинде убактынча чоң орунга жеткен зулум министр Аракчеевдин аты менен аталган;* 2. *перен. коомдук турмуштун кандайдыр бир жагында ар кандай демилгени, инициативаны басуунун, ээн баштыктын режими*).

**АРАНЖИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, муз.* аранжировкалоо, аранжировка кылуу (*инструментке салып же көп үн кошуп аткаруу үчүн музыкалык чыгармаларды иштеп чыгуу; музыкалык чыгарманы бир түрдүү аткаруудан экинчи түрдөгү аткарууга көчүрүү*).

**АРАНЖИРО'ВКА** *ж. муз.* аранжировка, аранжировкалоо, аранжировка кылуу.

**АРА'П** *м. уст.* арап.

**АРА'ПНИК** *м.* арапник (*ууда иттер үчүн пайдалануучу атайын шапалак*).

**АРА'ХИС** *м.* арахис, жер жаңгак (*тамыры чоң сүйрү буурчактай болуп, желе турган өсүмдүк*).

**АРБА'** *ж.* араба.

**АРБИ'ТР** *м. юр.* арбитр (*жалпы соттук системада чечилүүгө тийиштүү болбогон ар түрдүү талаштардагы третейлик сот; калыс*).

**АРБИТРА'Ж** *м. юр.* арбитраж (*третейлик сот; эки тараптын талашын аны текшерүүгө атайын полномочиеси бар адамдардын карап чыгышы*); **госуда́рственный арбитра́ж** мамлекеттик арбитраж; **междунаро́дный арбитра́ж** эл аралык арбитраж.

**АРБИТРА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **арбитраж**-*га т.*; арбитраждык; **арбитра́жное реше́ние** арбитраждык чечим.

**АРБУ'З** *м.* дарбыз.

**АРБУ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **арбуз**-*га т.*; **арбу́зная ко́рка** дарбыздын кабыгы.

**АРГАМА'К** *м.* аргымак.

**АРГЕНТИ'НЕЦ** *м.* аргентиналык, аргентинец.

**АРГЕНТИ'НКА** *женск. р.* **к аргенти́нец;** аргентинка.

**АРГЕНТИ'НСКИЙ,** -ая, -ое **Аргентина**-*га*, **аргентинец**-*ке т.*

**АРГЕНТИ'НЦЫ** *мн.* аргентиналыктар, аргентинецтер.

**АРГО'** *ср. нескл.* арго (*кандайдыр бир көп чоң эмес социалдык топтун өзүнчө шарттуу жаргону; мында — ошол социалдык топко тийиштүү кээ бир атайын сөздөр жана сүйлөмдөр колдонулат*).

**АРГО'Н** *м. хим.* аргон (*түссүз жана жытсыз газдын бир түрү*).

**АРГУМЕ'НТ** *м.* аргумент, далил, негиз; **приводи́ть аргуме́нты** аргументтер келтирүү; **убеди́тельный аргуме́нт** ишендирердик аргумент.

**АРГУМЕНТА'ЦИЯ** *ж.* аргументация, аргументтөө, далилдөө, аргумент келтирүү, далил келтирүү; **э́то положе́-**

www.bizdin.kg

**ние нуждáется в аргументáции** бул жобо аргументтөөгү талап кылат; **слáбая аргументáция** начар аргументация.

**АРГУМЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* аргументациялоо, аргументтөө, аргумент келтирүү; далилдөө, далил келтирүү.

**АРЕ'НА** *ж.* **1.** арена (*цирктин ортосундагы, оюн ойноочу тегерек аянтча*); **2.** *перен.* (*поприще*) арена, майдан; **арéна дéятельности** иштөө майданы, иш аренасы; **арéна политúческой борьбы́** саясий күрөш майданы; **на междунарóдной арéне** эл аралык майданда.

**АРЕ'НДА** *ж.* **1.** (*наём*) аренда, ижара, арендалоо, аренда кылуу, ижарага (арендага) алуу; **арéнда землú** жерди аренда кылуу, жерди ижарага алуу; **долгосрóчная арéнда** узак сроктуу аренда, узак мөөнөттүү аренда; **взять в арéнду** арендага (ижарага) алуу; **сдать в арéнду** арендага (ижарага) берүү; **2.** (*плата за наём*) аренда, аренда акысы, ижара акысы; **платúть арéнду** аренда төлөө.

**АРЕНДА'ТОР** *м.* арендатор (*арендага, ижарага алуучу адам*).

**АРЕНДА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **арендатор**-*го т.*; арендатордук.

**АРЕ'НДНЫЙ,** -ая, -ое **аренда**-*га т.*; арендалык; **арéндный договóр** аренда договору; **арéндная плáта** арендалык төлөө, аренда акысы, ижара акысы.

**АРЕНДО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **арендовáть;** **2.** *прил.* арендаланган, аренда кылынган; **арендóванный учáсток землú** жердин арендаланган участогу, арендаланган жер участогу.

**АРЕНДОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* арендалоо, аренда кылуу, ижарага алуу, арендага алуу.

**АРЕО'МЕТР** *м. физ.* ареометр (*суюктуктун тыгыздыгын жана салыштырма салмагын аныктоо үчүн колдонула турган прибор*).

**АРЕ'СТ** *м.* **1.** арест, камак, камоо; **взять под арéст** каммакка алуу; **находúться под арéстом** камакта болуу; **подвéргнуться арéсту** камакка алынуу; **освободúть из-под арéста** камактан бошотуу; **2.** *юр.* арест салуу (*опус кылып тыюу салуу*); **наложúть арéст на имýщество** мүлккө арест салуу (*опус кылып, мүлккө тыюу салуу*).

**АРЕСТА'НТ** *м. уст.* арестант (*камакта отуруучу адам, камалган адам*).

**АРЕСТА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **арестант**-*ка т.*

**АРЕСТО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **арестовáть;** **2.** *прил.* камалган, камакка алынган.

**АРЕСТОВА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* камоо, камакка алуу; **2.** *что, юр.* арест салуу, арест кылуу.

**АРЕСТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **арестовáть.**

**АРИО'ЗО** *ср. нескл. муз.* ариозо (*кичинекей ария*).

**АРИСТОКРА'Т** *м.* аристократ, ак сөөк.

**АРИСТОКРАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **аристократия**-*га т.*; аристократтык; **аристократúческое óбщество** аристократтык коом; **аристократúческий óбраз правлéния** *ист.* башкаруунун аристократтык түрү, аристократтык түрдө башкаруу.

**АРИСТОКРА'ТИЯ** *ж.* **1.** *собир.* аристократия, ак сөөктөр; **2.** *собир. перен.* аристократия (*капиталисттик өлкөлөрдө — кандайдыр бир таптын же социалдык топтун привилегиялуу төбөлү*); **финáнсовая аристокрáтия** финансылык аристократия; **рабóчая аристокрáтия** жумушчулар аристократиясы; **3.** *ист.* аристократия (*Байыркы Грецияда мамлекеттик бийликтин формаларынын бири — ак сөөктөр катмарынын үстөмдүгү*).

**АРИСТОКРА'ТКА** *женск. р. к* **аристокрáт;** аристократка.

**АРИТМИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое ритмалуу эмес, бузулган ритмалуу.

**АРИФМЕ'ТИКА** *ж.* арифметика.

**АРИФМЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **арифметика**-*га т.*; арифметикалык; **арифметúческая задáча** арифметикалык маселе, арифметика маселеси.

**АРИФМО'ГРАФ** *м.* арифмограф (*эсептин механикалык түрдө чыгарып, лентага жаза турган прибор*).

**АРИФМО'МЕТР** *м.* арифмометр (*арифметикалык амалдарды механикалык түрдө эсептеп чыгара бере турган прибор*).

**А'РИЯ** *ж. муз.* ария (*бир үнгө арналган вокалдык чыгарма, бул — көбүнчө, операда оркестрге кошулуп ырдалат*).

**А'РКА** *ж. архит.* арка (*эки дубалдын же эки тиреңчтин догооого окшоп ийилип келип кошулган жери*); ◇ **триумфáльная áрка** триумф аркасы (капкасы) (*бир атак алган кишини салтанаттуу түрдө өтүү үчүн жасалган курулуш*).

**АРКА'ДА** *ж. архит.* аркада (*жогору жагы áрка болуп кошулган устундардан турган галерея*).

**АРКА'Н** *м.* аркан.

**АРКА'НИТЬ** *несов.* аркан менен кармоо (*мис. чалма уруп, керме тосуп, таман тузак коюп ж. б.*).

**А'РКТИКА** *ж. геогр.* Арктика (*жер шарынын түндүк полярдык областы*).

**АРКТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **Арктика**-*га т.*; арктикалык; **арктúческие льды** арктика муздары; **арктúческая экспедúция** арктикалык экспедиция (*арктиканы изилдөөчү экспедиция*).

**АРЛЕКИ'Н** *м.* **1.** *театр.* арлекин (*италиялык комедияда ойноочу киши*); **2.** *перен.* арлекин, куудул, маскарапоз.

**АРМА'ДА** *ж.* армада (*согуштук кемелердин жана самолёттордун чоң бирикмеси*); **воздýшная армáда** аба армадасы (*самолёттордун чоң бирикмеси*).

**АРМАТУ'РА** *ж. тех.* арматура (**1.** *кандайдыр бир аппараттын, электр жабдуусунун ж. б. приборлору жана аларга тийиштүү нерселер;* **2.** *темир-бетондук курулуштарда — бетондун арасында кала турган жоон сымдар*).

**АРМАТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **арматура**-*га т.*; арматуралык; **арматýрные материáлы** арматуралык материалдар; ◇ **арматýрный спúсок** *воен.* арматуралык тизме (*согуштук кызматкерге берилген кийимдердин жана буюмдардын тизмеси*).

**АРМАТУ'РЩИК** *м.* арматурщик (*арматураны даярдоочу, жасоочу же орнотуучу жумушчу*).

**АРМЕ'ЕЦ** *м. уст.* армияда кызмат кылуучу, армия кызматкери.

**АРМЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **армия**-*га т.*; армиялык; **армéйский кóрпус** армиялык корпус; **армéйские резéрвы** армиялык резервдер.

**А'РМИЯ** *ж.* **1.** армия; аскер; **Совéтская Áрмия** Советтик Армия; **2.** *перен.* армия (*көп кишилердин жыйындысы*); **áрмия специалúстов** специалисттер армиясы.

**АРМЯ'К** *м. уст.* армяк (*бүрмөлүү чапандын бир түрү*).

**АРМЯ'НЕ** *мн.* армяндар, армяниндер.

**АРМЯНИ'Н** *м.* армян, армянин.

**АРМЯ'НКА** *женск. р. к* **армянúн;** армянка.

**АРМЯ'НСКИЙ,** -ая, -ое **армянин**-*ге т.*; **армя́нский язы́к** армян тили; **армя́нская литератýра** армян адабияты.

**АРОМА'Т** *м.* аромат, атыр жыт, жыпар жыт; **тóнкий аромáт духóв** атырдын назик жыты.

**АРОМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **аромáтный.**

**АРОМАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* жыттуулук.

**АРОМАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **аромáтный.**

**АРОМА'ТНЫЙ,** -ая, -ое атыр жыттуу, жыпар жыттуу, жакшы жыттуу; **аромáтное я́блоко** жакшы жыттуу алма.

**А'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое **арка**-*га т.*

**АРСЕНА'Л** *м.* **1.** *воен.* арсенал (*жарак-жабдыктардын жана согуштук жабдуулардын склады*); **2.** *перен.* арсенал (*абдан көп нерселер*); **он привлёк цéлый арсенáл доказáтельств** ал далилдердин арсеналын келтирди.

**АРТА'ЧИТЬСЯ** *несов. разг.* кежирленүү, кыйыктануу, кежендөө.

www.bizdin.kg

**АРТЕЗИА'НСКИЙ,** -ая, -ое: **артезиа́нский коло́дец** артезиан кудугу (*суусу бурco аркылуу чыгуучу терең кудук*).

**АРТЕ'ЛЬ** *ж.* артель (*бир нече адамдын, чарбанын бирге иштөө үчүн өз ыктыяры менен бириғиши*); **сельскохозя́йственная арте́ль** айыл чарба артели, айыл чарбалык артель; **промысло́вая арте́ль** промыселдик артель; **арте́ль инвали́дов** инвалиддер артели.

**АРТЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **артель**-*ге т.*; артелдик; **арте́льный уста́в** артель уставы, артелдик устав; **арте́льное хозя́йство** артелдик чарба, артель чарбасы; **на арте́льных нача́лах** артель негизинде, артельдешип.

**АРТЕ'ЛЬЩИК** *м. уст.* артельщик (*артелдин пайлык взносуну катышуучусу*).

**АРТЕРИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **артерия**-*га т.*; **артериа́льная кровь** артерия каны.

**АРТЕРИОСКЛЕРО'З** *м. мед.* артериосклероз (*артерия тамырларынын ооруш*у).

**АРТЕ'РИЯ** *ж.* **1.** *анат.* артерия (*канды жүрөктөн бүткүл денеге алып баруучу кан тамыр; кызыл кан тамыры*); **со́нная арте́рия** уйку артериясы; **2.** *перен.* артерия (*жол катнашы*); **Во́лга — одна́ из гла́вных во́дных арте́рий СССР** Волга — СССРдин эң башкы суу артерияларынын бири болуп эсептелет.

**АРТИКУЛЯ'ЦИЯ** *ж. лингв.* артикуляция (*керектүү тыбышты айтуу үчүн сүйлөө мүчөлөрүнүн иштеши*).

**АРТИЛЛЕРИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **артиллерия**-*га т.*; артиллериялык; **артиллери́йский снаря́д** артиллерия снаряды (*замбиректин огу*); **артиллери́йская подгото́вка** артиллериялык даярдоо, артиллериялык подготовка; **артиллери́йское наступле́ние** артиллериялык чабуул.

**АРТИЛЛЕРИ'СТ** *м.* артиллерист (*артиллерияда кызмат кылуучу аскер*).

**АРТИЛЛЕ'РИЯ** *ж.* артиллерия; **морска́я артилле́рия** деңиз артиллериясы; **берегова́я артилле́рия** жээктик артиллерия; **полева́я артилле́рия** талаалык артиллерия; **дальнобо́йная артилле́рия** алыска атуучу артиллерия; **зени́тная артилле́рия** зениттик артиллерия; **противота́нковая артилле́рия** танкыга каршы атуучу артиллерия; **лёгкая артилле́рия** жеңил артиллерия; **тяжёлая артилле́рия** 1) оор артиллерия; 2) *перен.* (*о человеке*) шамдагай эмес, колдогой адам.

**АРТИ'СТ** *м.* **1.** артист; **наро́дный арти́ст** эл артисти; **заслу́женный арти́ст** эмгек сиңирген артист; **о́перный арти́ст** опера артисти; **арти́ст дра́мы** драма артисти; **арти́ст бале́та** балет артисти; **2.** *перен.* артист (*бир нерсеге абдан чебер болгон киши*); **он арти́ст своего́ де́ла** ал өз ишинин артисти.

**АРТИСТИ'ЧЕСКАЯ** *ж.* артисттер бөлмөсү (*спектаклге, концертке катышуучуларга арналган үй*).

**АРТИСТИ'ЧЕСКИ** *нареч.* артисттик менен (*эң зор усталык, чебердик менен; көркөмдүү, көркөмдүк менен*).

**АРТИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1.** артисттик; **артисти́ческое исполне́ние** артисттик аткаруу; **2.** *перен.* артисттик менен (*усталык менен, чебердик менен*); **артисти́ческая рабо́та** артисттик менен иштелген иш (жумуш).

**АРТИ'СТКА** *женск. р. к* **арти́ст**; артистка.

**А'РФА** *ж.* арфа (*үчкүл алкак түрүндө жасалган кылдуу музыкалык инструмент*).

**АРФИ'СТ** *м.* арфист (*арфада ойноочу музыкант*).

**АРФИ'СТКА** *женск. р. к* **арфи́ст**; арфистка.

**АРХАИ'ЗМ** *м.* архаизм (**1.** *лингв. эскирген же колдонуудан чыгып калган сөз, сүйлөм*; **2.** *перен. эскирген нерсе, калдык, эскирген кубулуш*).

**АРХАИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*старинный*) байыркы, эзелки; **2.** (*устарелый*) эскирген, колдонуудан чыккан; **архаи́ческий стиль** эскирген стиль.

**АРХАИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **архаический.**

**АРХЕО'ЛОГ** *м.* археолог (*археология жагынан специалист*).

**АРХЕОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **археология**-*га т.*; археологиялык; **археологи́ческие раско́пки** археологиялык казуу.

**АРХЕОЛО'ГИЯ** *ж.* археология (*байыркы элдердин турмушун жана маданиятын мурункудан сакталып калган нерселер, заттар боюнча изилдөөчү илим*).

**АРХИ'В** *м.* **1.** (*учреждение*) архив (*эски документтерди сактоочу мекеме*); **госуда́рственный архи́в** мамлекеттик архив; **2.** (*собрание писем, рукописей и т. п.*) архив (*мекеменин же айрым кишинин каттарынын, кол жазмаларынын жана башка материалдарынын жыйындысы*); ◇ **сдать в архи́в** 1) *что* эскирген, азыркы замандагы таламга жооп бербейт деп эсептөө; 2) *кого* бирөөнү иштен, кызматтан алып коюп, аны менен эсептешпей коюу.

**АРХИВА'РИУС** *м.* архивариус (*архив кызматкери, архивди сактап туруучу адам*).

**АРХИВИ'СТ** *м.* архивист (*архив иши боюнча специалист*).

**АРХИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **архив**-*ге т.*; архивдик; **архи́вный фонд** архивдик фонд, архив фондусу.

**АРХИЕРЕ'Й** *м.* архиерей (*христиандарда диний жагынан жогорку даражадагы киши*).

**АРХИПЕЛА'Г** *м. геогр.* архипелаг (*деңиздеги бири-бирине өтө жакын турган аралдардын тобу*).

**АРХИТЕКТО'НИКА** *ж.* архитектоника (**1.** *бир бүтүндүн бөлүктөрү бири-бири менен келишип, композицияланып туруу*; **2.** *геологиянын бир бөлүмү; бул — жердин кыртышынын түзүлүшүн изилдейт*).

**АРХИТЕ'КТОР** *м.* архитектор (*архитектура жагынан специалист*).

**АРХИТЕКТУ'РА** *ж.* архитектура (**1.** *курулуш искусствосу*; **2.** *имараттын, курулуштун стили, көркөмдүгү*).

**АРХИТЕКТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **архитектура**-*га т.*; архитектуралык; **архитекту́рный па́мятник** архитектуралык эстелик; **ра́зные архитекту́рные сти́ли** түрдүү архитектуралык стилдер.

**АРЧА'** *ж. бот.* арча.

**АРШИ'Н** *м. уст.* кез; ◇ **сло́вно арши́н проглоти́л** зыңкыйып ийилбей калган, колдоюп эңкейе албай калган (*киши тууралу*); **ме́рить на свой арши́н** өзүнө карап, бирөөгө тон бычуу; **он ви́дит на два арши́на под землёй** ал жердин жети кабатындагыны көрөт.

**АРШИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **аршин**-*ге т.*; **напи́сано арши́нными бу́квами** эң эле ири жазылган.

**АРЫ'К** *м.* арык.

**АРЫ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **арык**-*ка т.*; **ары́чная вода́** арык суусу.

**АРЬЕРГА'РД** *м. воен.* арьергард (*походго кетип бараткан кезде войсконун негизги күчүнүн артында жүрүүчү бөлүгү*); **находи́ться в арьерга́рде** *перен.* артта калуу.

**АРЬЕРГА'РДНЫЙ,** -ая, -ое **арьергард**-*га т.*; арьергарддык; **арьерга́рдный бой** арьергарддык согуш.

**АСБЕ'СТ** *м. мин.* асбест, кебез таш (*отко күйбөй турган, ысыкты өткөрбөй турган минерал*).

**АСБЕ'СТОВЫЙ,** -ая, -ое **асбест**-*ке т.*; асбесттик; **асбе́стовый заво́д** асбест заводу; **асбе́стовые тру́бы** асбест трубалар, асбесттен жасалган трубалар.

**АСЕ'ПТИКА** *ж. мед.* асептика (*операция кылган кезде, жараны дарылаган кезде колдонулуучу предметтерди тазалоо аркылуу жараны ырбоодон сактоо*).

**АСЕПТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **асептика**-*га т.*; асептикалык.

**АСИММЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **асимметри́чный.**

**АСИММЕТРИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое симметриясыз (*бир нерсенин бири-бирине шайкеш келбегени*).

**АСИММЕТРИ'Я** *ж.* асимметрия, симметриясыз (*бир нерсенин бөлүктөрүнүн бири-бирине шайкеш келбегендиги*).

**АСКАРИ'ДА** *ж. зоол.* аскарида; *см.* **глист.**

www.bizdin.kg

**АСКЕ'Т** *м.* аскет (1. *байыркы убакытта — элден, дүйнөдөн, турмуштун жыргалынан безип, жалгыз тиричилик кылуучу такыба христианин адам;* 2. *перен. турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып, түнт жашоочу адам*).

**АСКЕТИ'ЗМ** *м.* аскетизм (1. *элден, дүйнөдөн, турмуштун жыргалынан безип, жалгыз тиричилик кылуучулук; такыбалык;* 2. *перен. турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып, түнт жашоочулук*).

**АСКЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **аскет**-*ке*; **аскетизм**-*ге т.*; **аскетическая жизнь** аскеттерче жашоо, аскеттер турмушу.

**АСПЕ'КТ** *м.* аспект (*көз караш; кубулуштарды, фактыларды баяндоодо колдонулуучу көз караш*); **он изложи́л вопро́с в сле́дующем аспе́кте** ал маселени төмөнкү аспектиде баяндады.

**А'СПИД** I *м.* 1. *зоол.* аспид (*уулуу жыландын бир түрү*); 2. *перен. бран.* кара мүртөз, тажаал.

**А'СПИД** II *м. мин.* аспид (*кат-кат болгон кара минерал; мындан кара такта жасалат*).

**А'СПИДНЫЙ,** -ая, -ое **аспид** II-*ге т.*; **а́спидная доска́** аспид такта.

**АСПИРА'НТ** *м.* аспирант (*илимий-изилдөө жана илимий-педагогикалык ишке даярдануучу адам*).

**АСПИРА'НТКА** *женск. р. к* **аспира́нт;** аспирантка.

**АСПИРА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **аспирант**-*ка т.*

**АСПИРАНТУ'РА** *ж.* аспирантура (1. *илимий кызматкерлерди даярдоо системасы;* 2. *собир. аспиранттар*).

**АСПИРА'ТОР** *м. тех.* аспиратор (*абанын чаңын жана артык нымын тазалоочу прибор*).

**АССАМБЛЕ'Я** *ж.* ассамблея (1. *кандайдыр бир эл аралык уюмдун мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу;* 2. *ист. Пётр I кезинде, анын айланасындагы ак сөөктөр өткөрүүчү бий, тамаша, зоок кече*).

**АССЕНИЗА'ТОР** *м.* ассенизатор (*ассенизация боюнча иштөөчү кызматкер*).

**АССЕНИЗА'ЦИЯ** *ж.* ассенизация, ассенизация кылуу (*ыпыластарды, даараткаңаларды тазалоо жана аларды зыянсыз кылуу*).

**АССИГНА'ЦИЯ** *ж. ист.* ассигнация (*Россиядагы кагаз акча*).

**АССИГНОВА'НИЕ** *ср.* 1. (*выделение средств*) ассигнование; ассигнование этүү, ассигнование кылуу (*бир нерсеге жумшоо үчүн каражат бөлүп берүү*); **ассигнова́ние на капита́льное строи́тельство** капиталдык курулушка ассигнование этүү; 2. (*выделенная сумма*) ассигнование (*бир нерсеге жумшоо үчүн бөлүнүп берилген сумма*).

**АССИГНОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* ассигнование этүү, ассигнование кылуу.

**АССИГНО'ВКА** *ж. фин.* ассигновка (*өзүнө ассигнование этилген акчаны мекеме банкадан алуу үчүн көрсөтүлө турган документ*).

**АССИМИЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* ассимиляциялоо, ассимиляция этүү, ассимиляция кылуу.

**АССИМИЛИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов. с кем-чем, кому-чему* ассимиляцияланууу, ассимиляция этилүү, ассимиляция кылынуу; 2. *несов. страд. к* **ассимили́ровать.**

**АССИМИЛЯ'ЦИЯ** *ж.* ассимиляция, ассимиляция этүү, ассимиляция кылуу (1. *биол. өзүнүн ичине кирген заттарды айбандын-жаныбардын жана өсүмдүк организмдин сиңириши;* 2. *тилин, урп-адатын өздөштүрүү аркылуу бир элдин экинчи эл менен кошулуп кетиши;* 3. *лингв. бир тыбыштын өзүнө жанаша турган тыбышка окшошуп өзгөрүшү*).

**АССИРИ'ЕЦ** *м.* ассириец, ассириялык.

**АССИРИ'ЙКА** *женск. р. к* **асси́риец;** ассирийка.

**АССИРИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Ассирия**-*га*, **ассириец**-*ке т.*

**АССИРИ'ЙЦЫ** *мн.* ассириецтер, ассириялыктар.

**АССИСТЕ'НТ** *м.* ассистент (*илимий иштер иштеген кезде, операция жасаган кезде, студенттер менен практикалык окуу жүргүзгөн кезде профессорго, врачка жардам берүүчү жогорку маалыматтуу адам*).

**АССИСТЕ'НТКА** *женск. р. к* **ассисте́нт;** ассистентка.

**АССИСТЕ'НТСКИЙ,** -ая, -ое **ассистент**-*ке т.*; ассистенттик.

**АССИСТИ'РОВАТЬ** *несов.* ассистенттик кызматты аткаруу.

**АССОНА'НС** *м. лит.* ассонанс (*үндүү тыбыштары гана окшош болгон рифма*).

**АССОРТИМЕ'НТ** *м.* ассортимент (*товарлардын ар кыл түрдөрүнүн тандамасы, жыйындысы*).

**АССОЦИА'ЦИЯ** *ж.* ассоциация (1. *бирикме, союз;* 2. *психол. айрым биринчи психикалык процесстердин ортосундагы байланыш*).

**АССОЦИИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, с чем* ассоциациялоо (*элестөөлөрдүн, көз алдыга келтирүүлөрдүн жана башкалардын ортосундагы байланышты белгилөө*).

**АССОЦИИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов. с кем-чем* ассоциациялануу (*ассоциация боюнча байланышуу*); 2. *несов. страд. к* **ассоции́ровать.**

**АСТЕНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **астения**-*га т.*; астениялык.

**АСТЕНИ'Я** *ж. мед.* астения (*дененин жалпы начардыгы, алсыздыгы*).

**АСТЕРО'ИДЫ** *мн.* (*ед.* **астеро́ид** *м.*) *астр.* астероиддер (*Марс менен Юпитердин ортосундагы майда планеталар*).

**АСТИГМАТИ'ЗМ** *м. мед.* астигматизм (*шоолаңын көздө бирдей чагылышпагандыгынан көздүн начар көрүшү*).

**А'СТМА** *ж. мед.* астма (*дем кыстыгуу оорусу*); **серде́чная а́стма** жүрөк астмасы; **бронхиа́льная а́стма** бронхи астмасы (*дем кыстыгуу*).

**АСТМА'ТИК** *м.* астматик (*астма менен ооруучу киши*).

**АСТМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **астма**-*га т.*; астмалуу; **астмати́ческое дыха́ние** астмалуу (*кыстыгып*) дем алыш.

**А'СТРА** *ж.* астра (*гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү*).

**АСТРАГА'Л** *м. бот.* төө куйрук, түлкү куурай.

**АСТРО'ЛОГ** *м. ист.* астролог (*астрология жагынан специалист*).

**АСТРОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **астрология**-*га т.*; астрологиялык.

**АСТРОЛО'ГИЯ** *ж. ист.* астрология (*байыркы заманда жана орто кылымдарда жылдызга карап кишинин тагдырын күн мурун эле айтып берүүчү жалган илим*).

**АСТРОНО'М** *м.* астроном (*астрономия жагынан специалист*).

**АСТРОНОМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **астрономия**-*га т.*; астрономиялык; **астрономи́ческие наблюде́ния** астрономиялык байкоолор; **астрономи́ческие прибо́ры** астрономиялык приборлор; **астрономи́ческие чи́сла (ци́фры)** астрономиялык сандар (цифралар) (*көп сандар, көп цифралар*).

**АСТРОНО'МИЯ** *ж.* астрономия (*күн, ай, жылдыздардын составы жана түзүлүшү жөнүндөгү илим*).

**АСТРОФИ'ЗИКА** *ж.* астрофизика (*асман телолорунун, мис. жылдыздардын, физикалык жана химиялык касиеттерин изилдөөчү астрономиянын бир бөлүмү*).

**АСФА'ЛЬТ** *м.* асфальт (*чайыр сыяктуу кара нерсе, бул — курулушка, жолго, тротуарга ж. б. төшөө үчүн колдонулат*).

**АСФАЛЬТИ'РОВАНИЕ** *ср.* асфальттоо, асфальт төшөө; **асфальти́рование доро́г** жолдорду асфальттоо, жолдорго асфальт төшөө.

**АСФАЛЬТИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **асфальти́ровать;** 2. *прил.* асфальтталган, асфальт төшөлгөн; **асфальти́рованные тротуа́ры** асфальт төшөлгөн тротуарлар (көчөлөр).

**АСФАЛЬТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* асфальттоо, асфальт төшөө; **асфальти́ровать у́лицу** көчөгө асфальт төшөө, көчөнү асфальттоо.

www.bizdin.kg

**АСФА'ЛЬТОВЫЙ**, -ая, -ое **асфальт**-*ка т.*; асфальттык; **асфа́льтовый заво́д** асфальт заводу; **асфа́льтовые рабо́ты** асфальт жумуштары.

**АТАВИ'ЗМ** *м. биол.* атавизм (*алыскы тегине тарткан белгилери болуу*).

**АТАВИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **атавизм**-*ге т.*; атависттик; **атависти́ческие при́знаки** атависттик белгилер.

**АТА'КА** *ж.* атака (*душманга катуу умтулуп кол салуу*); **штыкова́я ата́ка** штык менен жасалган атака; **возду́шная ата́ка** абадан жасалган атака; **идти́ в ата́ку** атакага баруу, атака жасоо; **отби́ть (отрази́ть) ата́ку** атаканы кайтаруу; ◇ **повести́ ата́ку** *на что-л. бир нерсеге* атака жасоо.

**АТАКОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* атакалоо, атака жасоо, атака кылуу.

**АТАМА'Н** *м.* **1.** *ист.* атаман (*казактык войсколордо жана селениелерде дайындалган же шайланган начальник*); **стани́чный атама́н** станица атаманы; **войсково́й атама́н** войско атаманы, войсколук атаман; **2.** *уст.* атаман (*каракчылар тобунун башчысы*); **3.** *перен.* атаман (*жалпы башчы; баштоочу*).

**АТЕИ'ЗМ** *м.* атеизм (*кудайдын бар экенин илимий негиздерге сүйөнүп танууу жана динге ишенбөө; кудайсыздык*).

**АТЕИ'СТ** *м.* атеист (*кудай жок дечү адам, атеизмди жактоочу адам*).

**АТЕИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **атеизм**-*ге*, **атеист**-*ка т.*; атеисттик.

**АТЕЛЬЕ'** *ср. нескл.* ателье (**1.** *художниктин, скульптордун, фотографтын мастерскаясы*; **2.** *кийим, бут кийим, баш кийим тигүүчү мастерская*).

**А'ТЛАС** *м.* атлас (*географиялык карталар, таблицалар, техникалык чертёждордун ж. б. жыйнагы*); **а́тлас ми́ра** дүйнө атласы; **анатоми́ческий а́тлас** анатомиялык атлас.

**АТЛА'С** *м.* (*ткань*) атлас, атилес (*жибек кездеменин бир түрү*).

**АТЛА'СНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*из атла́са*) **атлас**-*ка т.*; **атла́сное пла́тье** атлас (атилес) көйнөк; **2** (*гладкий, похожий на атла́с*) атласка окшош, атлас сыяктуу; **атла́сная ко́жа** атлас сыяктуу тери (*адамдын териси*); **атла́сная бума́га** атлас кагаз (*жогорку сапаттуу жакшы кагаздын бир түрү*).

**АТЛЕ'Т** *м.* атлет (**1.** *атлетика менен иришүүчү спортсмен*; **2.** *перен. разг. күчтүү, балбан адам*)

**АТЛЕ'ТИКА** *ж. спорт.* атлетика (*адамды күчтүү, шамдагай, чыдамдуу кылуучу гимнастикалык машыгуулар*); **тяжёлая атле́тика** оор атлетика; **лёгкая атле́тика** жеңил атлетика.

**АТЛЕТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **атлетика**-*га*, **атлет**-*ке т.*; атлеттик; **челове́к атлети́ческого сложе́ния** атлеттик денелүү адам.

**АТМОСФЕ'РА** *ж.* **1.** атмосфера (*жерди чулгап турган газсымал оболочка*); **2.** *разг.* (*воздух*) аба; **прошёл дождь и освежи́л атмосфе́ру** жаан жаап, аба сергип калды; **3.** *перен.* атмосфера, айланадагы шарт, чөйрө; **това́рищеская атмосфе́ра** жолдоштук чөйрө, жолдоштук атмосфера; **4.** *физ.* атмосфера (*газдын басышын өлчөөчү единица*).

**АТМОСФЕРИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **атмосфера** 1-*га т.*; атмосфералык; **атмосфери́ческие явле́ния** атмосфералык кубулуштар.

**АТМОСФЕ'РНЫЙ**, -ая, -ое **атмосфера**-*га т.*; атмосфералык; **атмосфе́рные оса́дки** жаан-чачындар; **атмосфе́рное давле́ние** атмосферанын басышы.

**АТО'ЛЛ** *м. геогр.* атолл (*алкакка окшош жалпак коралл аралы*).

**А'ТОМ** *м. физ.* атом (*химиялык элементтин жай көзгө көрүнбөй турган эң эле майда бөлүкчөсү*); **ядро́ а́тома** атомдун ядросу.

**АТОМИ'ЗМ** *м. см.* **атоми́стика.**

**АТОМИ'СТИКА** *ж. филос.* атомистика (*материянын түзүлүшү тууралуу материалисттик окуу; бул окууга ылайык, материя бөлгүлүү түрдөгү бөлүкчөлөрдөн турат*).

**АТОМИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **атомистика**-*га т.*; атомистикалык; **атомисти́ческая тео́рия** атомистикалык теория.

**А'ТОМНИК** *м.* атомник, атомчу (*атомдук энергия боюнча специалист*).

**А'ТОМНО-МОЛЕКУЛЯ'РНЫЙ**, -ая, -ое атомдук-молекулярдык.

**А'ТОМНЫЙ**, -ая, -ое **атом**-*го т.*; атомдук; **а́томный вес** атомдук салмак; **а́томное ядро́** атомдук ядро, атом ядросу; **а́томные си́лы** атомдук күчтөр; **а́томная эне́ргия** атомдук энергия; **а́томная бо́мба** атомдук бомба, атом бомбасы; **а́томное ору́жие** атомдук курал; **а́томный дви́гатель** атомдук кыймылдаткыч, атом кыймылдаткычы (*атомдун күчү менен аракетке келүүчү кыймылдаткыч*).

**А'ТОМЩИК** *м.* атомщик (*агрессивдик максаттары үчүн атомду пайдаланып, элди массалык түрдө кырууга умтулган империалист*).

**АТОНИ'Я** *ж. мед.* атония (*булчуңдардын начардыгы, боштугу*); **атони́я кишо́к** ичегилердин атониясы.

**АТРИБУ'Т** *м.* **1.** *филос.* атрибут (*предметтин же кубулуштун ажыратылгыс касиети*); **2.** атрибут (*бирөөнүн, бир нерсенин айырмалуу белгиси; бирөөгө, бир нерсеге таандык*); **3.** *грам.* атрибут, айкындооч.

**АТРИБУТИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое *грам.* атрибуттук; **атрибути́вное сло́во** атрибуттук сөз (*айкындооч, айкындоочу сөз*).

**АТРОФИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое атрофия болгон (*шал болгон, сенек болгон*).

**АТРОФИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов.* атрофиялануу, атрофия болуу (*шал болуу, сенек болуу*).

**АТРОФИ'Я** *ж. мед.* атрофия (*шал болуу, сенек болуу; органдын же ткандын клеткаларынын азыктанышы бузулгандыктан алардын көлөмүнүн кичириши*); **атрофи́я мышц** булчуңдардын атрофиясы.

**АТТАШЕ'** *м нескл. дип.* атташе (*бир иш жагынан специалист катарында дипломаттык өкүлдүккө жиберилген офицалдык адам*); **вое́нный атташе́** согуштук атташе; **торго́вый атташе́** соода атташеси.

**АТТЕСТА'Т** *м.* **1.** аттестат (*окуу жайын бүтүргөндүк жөнүндө күбөлүк кат*); **аттеста́т зре́лости** жетилүү аттестаты; **2.** *воен.* аттестат (*согуштук кызматкерге командировка убагында жана өзүнүн бөлүгүнөн башка жерде болгондо акча, азык-оокат, кийим жана башка нерселерди алууга, жана да офицерлердин үй-бүлөсү ага тийиштүү акчаны алууга укук бере турган документ*); **получа́ть по аттеста́ту** аттестат боюнча алуу.

**АТТЕСТАЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **аттестация**-*га т.*; аттестациялык, **аттестацио́нная коми́ссия** аттестация комиссиясы, аттестациялык комиссия.

**АТТЕСТА'ЦИЯ** *ж.* аттестация (**1.** *бирөөнүн ишкердик жана саясий квалификациясына баа берүү*; **2.** *бирөө жөнүндө берилген баа, отзыв*).

**АТТЕСТОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* аттестациялоо, аттестация кылуу, баа берүү, баалоо.

**АТТРАКЦИО'Н** *м.* аттракцион (*цирк же эстрада программасындагы өтө кызык номер*).

**АТУ'** *межд.* айт (*карма, басып кал деген маанide тайганга кыйкыруу*); **ату́ его́!** айт! ал аны!

**АУ'** *межд.* ау (*токойдун ичинде жүргөндө биринен-бири адашып кетпес үчүн өз ара кыйкырып айтыла турган сөз*).

**АУДИЕ'НЦИЯ** *ж.* аудиенция (*жогорку мамлекеттик кызматта турган адамды официалдуу түрдө кабыл кылуу*).

**АУДИТО'РИЯ** *ж.* аудитория (**1.** *ичинде лекция окула турган, доклад жасала турган үй*; **2.** *собир. лекция, доклад угуучулар*).

**АУ'КАНЬЕ** *ср.* ыялоо, үн берүү, «ау» деп кыйкыруу.

www.bizdin.kg

**АУ'КАТЬ** *несов. разг.* ыялоо, үн берүү, «ау» деп кыйкыруу.
**АУ'КАТЬСЯ** *несов. разг.* «ау» деп кыйкырышуу, үн берип бири-бири менен ыялашуу.
**АУ'КНУТЬСЯ** *однокр. см.* **аукаться;** ◇ **как аукнется, так и откликнется** *посл.* кандай үн берсе, ошондой жаңырык кайтат (*жакшылыкка — жакшылык, жамандыкка — жамандык*).
**АУКЦИО'Н** *м.* аукцион (*буюмду кишилердин алдында «ким ашты» деп кыйкырып сатуу; мында буюмду башкаларга караганда көп төлөгөн киши алат*); **продать** *что-л.* **с аукциона** *бир нерсени* аукцион аркылуу сатуу.
**АУКЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **аукцион**-*го т.*
**АУ'Л** *м.* айыл.
**АУ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **аул**-*га т.*
**АУТЕНТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое чыныгы, анык өзү, негизги нускасына туура келүүчү.
**АУТЕНТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **аутентический.**
**АУТОДАФЕ'** *ср. нескл. ист.* аутодафе (*орто кылымдарда — «еретиктерди» (чиркөөнүн догмаларына каршы адамдарды) жана «еретик» чыгармаларды кишилердин көзүнчө отко жагуу*).
**АУТСА'ЙДЕР** *м.* аутсайдер (*монополисттик бирикмеге кирбеген капиталисттик шикана*).
**АФГА'НЕЦ** *м.* ооган, афган, афганец.
**АФГА'НКА** *женск. р. к* **афганец;** афганка.
**АФГА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Афганистан**-*га*, **афганец**-*ке т.*; **афганский язык** афган тили.
**АФГА'НЦЫ** *мн.* оогандар, афганецтер, афгандар.
**АФЕ'РА** *ж.* афера (*митаамдык, алдамчылык*).
**АФЕРИ'СТ** *м.* аферист (*митаам, алдамчы*).
**АФЕРИ'СТКА** *женск. р. к* **аферист;** аферистка.
**АФИ'ША** *ж.* афиша (*спектакль, концерт, лекция болуу жөнүндө жарыя кагаз*).
**АФИШИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* өзүн көрсөтүү үчүн жар салуу (*жактырбоо иретинде айтылат*).
**АФОРИ'ЗМ** *м.* афоризм (*санат сөздөр*).
**АФРИКА'НЕЦ** *м.* африканец, африкалык.
**АФРИКА'НКА** *женск. р. к* **африканец;** африканка.
**АФРИКА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Африка**-*га*, **африканец**-*ке т.*; **африканские языки** африканецтердин тилдери.
**АФРИКА'НЦЫ** *мн.* африканецтер, африкалыктар.
**АФФЕ'КТ** *м.* аффект (*эң эле катуу туталануу жана эң эле бат ачууланлу, келесоолонуу абалы*); **в данное время он находится в состоянии аффекта** ал азыркы убакытта аффект абалында болуп турат.
**АФФЕКТА'ЦИЯ** *ж.* аффектация (*экиленүү; экилентүү; жүрүш-турушту, сөз сүйлөөнү жасалма түрдө башкача көрсөтүү, башкача айтуу*).
**А'ФФИКС** *м. грам.* аффикс (*уңгуга кошулуп айтылганда уңгунун түрүн жана маанисин өзгөртүп жиберүүчү бөлүк; мис. окуу+чу, колхоз+чу, шаар+га ж. б.*).
**АФФИНИ'РОВАТЬ** *несов. что, тех.* аффинаждоо (*металлдарды башка кошундулардан тазалоо*).

**АХ** 1. *межд.* (*возглас удивления, испуга и т. п.*) ой, апей (*таң калууну, коркууну, чочууну билдирет*); (*возглас сожаления*) аттигиний (*өкүнүчтү билдирет*); 2. *в знач. сущ.* **ахи** *мн.* кокуй-кокуй; **ахи да охи** кокуй эле кокуй.
**А'ХАНЬЕ** *ср.* кокуйлоо, «бали-и» деш, «э-эй» деш.
**А'ХАТЬ** *несов. разг.* кокуйлоо, «бали-и» деш, «э-эй» деш.
**АХИЛЛЕ'СОВ,** -а, -о: **ахиллесова пята** Ахиллестин согончогу, өлчү жери, жеңилчү жери, такыр колтук.
**А'ХНУТЬ** *однокр.* 1. *см.* **ахать; ахнуть не успел, как...** «а» дегенче эле...; 2. *кого-что* (*ударить*) «тарс» эттирип, «былч» эттирип катуу уруп жиберүү; 3. «тарс» эте түшүү; «дүмп», «күрс», «карс» эте түшүү; **ахнули пушки** замбиректер «күрс» этти.
**АХТИ'** *межд. обл.* ой; апей; ◇ **не ахти как** *разг.* анча жакшы эмес, көп жакшы эмес; **не ахти какой** *разг.* анчалык жакшы эмес (*адам же нерсе жөнүндө*).
**АЦЕТИЛЕ'Н** *м. хим.* ацетилен (*жыты жаман, түссүз ууктургуч газ, бул — углерод менен водороддон турат*).
**АЦЕТИЛЕ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **ацетилен**-*ге т.*; ацетилендик, ацетилендүү; **ацетиленовая горелка** ацетилен горелкасы, ацетилендик горелка; **ацетиленовые водороды** *хим.* ацетилендүү водороддор.
**АШУ'Г** *м.* ашуг (*Кавказ элдеринде — ырчы*).
**АЭРА'РИЙ** *м. мед.* аэрарий (*аба ваннасы үчүн аянтча*).
**АЭРО-** *татаал сөздөрдүн «авиациялык» деген маанини бере турган биринчи бөлүгү; мис.* **аэроклуб** аэроклуб.
**АЭРОДИНА'МИКА** *ж.* аэродинамика (*газдардын кыймылы, тело кыймылдаган кезде ага абанын жана газдардын тоскоолдугу жөнүндөгү илим*).
**АЭРОДРО'М** *м.* аэродром (*самолёттор тура турган, уча турган жана коно турган атайы орун*).
**АЭРОКЛУ'Б** *м.* аэроклуб (*авиация менен иришүүчү же аны үйрөнүүчү кишилерди бириктирүүчү клуб*).
**АЭРОЛИ'НИЯ** *ж. см.* **авиалиния.**
**АЭРОЛИ'Т** *м. астр.* аэролит; *см.* **метеорит.**
**АЭРОМАЯ'К** *м.* аэромаяк (*лётчиктерге багыт көрсөтүп туруу үчүн аба жолдоруна коюлган, күчтүү жарыктуу мунара*).
**АЭРОНАВИГА'ЦИЯ** *ж.* аэронавигация (*самолёттордү белгиленген багыт боюнча учуруу жөнүндөгү илим*).
**АЭРОПЛА'Н** *м.* аэроплан; *см.* **самолёт.**
**АЭРОПО'РТ** *м.* аэропорт (*аба порту — чоң аэродром*).
**АЭРОСА'НИ** *только мн.* аэрочана (*пропеллердин жардамы менен жүрүүчү чана*).
**АЭРОСЕ'В** *м. с.-х.* эгинди самолёт менен себүү.
**АЭРОСТА'Т** *м.* аэростат (*абадан жеңил учуучу аппарат*); **привязной аэростат** байланма аэростат, байлап коюлма аэростат.
**АЭРОСЪЁМКА** *ж.* аэросъёмка; *см.* **аэрофотосъёмка.**
**АЭРОФОТОСЪЁМКА** *ж.* аэрофотосъёмка (*самолётто жүрүп жердин, шаарлардын, жолдордун ж. б. сүрөттөрүн фотографиялык аппарат менен тартып алуу*).
**АЭРОШКО'ЛА** *ж.* аэрошкола, авиация мектеби.

# Б

**Б** *частица см.* **бы.**
**БА** *межд.* апей; **ба! да это он!** апей! так эле өзү го!; **ба! кого я вижу!** апей! сен белең!
**БА'БА** I *ж.* 1. *разг.* (*женщина, жена*) аял, катын; **бой-баба** шакылдаган кыйын катын; 2. *презр.* (*о мужчине*) катын баакы; ◇ **каменная баба** *археол* кишинин таштан жасалган тулкусу; **снежная баба** кишинин кардан жасалган тулкусу; **баба-яга** (*в сказках*) мастан кемпир, жез кемпир, жез тумшук.
**БА'БА** II *ж. тех.* асма балка, чоң жыгач токмок.
**БА'БА** III *ж.*: **ромовая баба** ром баба (*ром кошулган камырдан жасалган булка*).
**БАББИ'Т** *м. тех.* баббит (*подшипниктерди бекитүү үчүн колдонулуучу металлдан жасалган ак эритме*).
**БАББИ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **баббит**-*ке т.*; баббиттик; **баббитовый подшипник** баббиттен жасалган подшипник.

www.bizdin.kg

**БА'БИЙ,** -ья, -ье баба I-*ге т.*; **ба́бий плато́к** аялдын жоолугу; ◇ **ба́бье ле́то** күз башындагы жылуу жана ачык күн, ачык болгон мезгил.

**БА'БКА** I *ж. разг. см.* **ба́бушка**; ◇ **повива́льная ба́бка** *уст.* төрөтүүчү кемпир, аначы кемпир.

**БА'БКА** II *ж.* (*игральная кость*) бакай сөөк.

**БА'БНИК** *м. разг.* катынпоз.

**БА'БОЧКА** *ж.* көпөлөк.

**БА'БУШКА** *ж.* **1.** чоң эне (*по линии отца*); тай эне (*по линии матери*); **2.** *разг.* (*старуха*) кемпир; ◇ **э́то ещё ба́бушка на́двое сказа́ла** *погов.* эки анжы кылып айтуу (*болор-болбосу белгисиз иш жөнүндө*).

**БАГА'Ж** *м.* **1.** багаж (*жолго алынган буюм, жүк*); **сдать в бага́ж** багажга берүү; **2.** *перен.* билим, маалымат; **его́ у́мственный бага́ж невели́к** анын билими тайкы.

**БАГА'ЖНИК** *м.* багажник (*велосипеддин жана автомобилдин артындагы багаж коюлуучу жери — рамасы, ящиги*).

**БАГА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **багаж**-*га т.*; багаждык; **бага́жный ваго́н** багаж вагону; **бага́жная квита́нция** багаж квитанциясы.

**БАГЕ'Т** *м.* багет (*бетине оюу-чийүү салынган же сырдалган, энсиз тилке тактай*).

**БАГО'Р** *м.* багор (*узун саптуу темир илгек*).

**БА'ГРЕНЬЕ** *ср.* багорлоо (*кышында муздун жарыгынан багор менен балык уулоо*).

**БА'ГРИТЬ** *несов. кого-что* багорлоо (*кышында муздун жарыгынан багор менен балык уулоо*).

**БАГРОВЕ'ТЬ** *несов.* кызаруу, кыпкызыл болуу.

**БАГРО'ВЫЙ,** -ая, -ое кочкул кызыл, кыпкызыл; **его́ лицо́ ста́ло багро́вым** бети кыпкызыл боло түштү.

**БАГРЯ'НЕЦ** *м. поэт.* тамылжыган кызыл, алоолонгон кызыл.

**БАГРЯ'НЫЙ,** -ая, -ое *поэт.* тамылжыган кызыл, алоолонгон кызыл; **багря́ная заря́** таңдын алоолонгон кызылы.

**БАДЬЯ'** *ж.* тайпагай жыгач челек.

**БАДЯ'ГА** *ж. бот.* бадяга (*тузсуз суудагы губка*).

**БАЗ** *м.* мал короо.

**БА'ЗА** *ж.* **1.** *архит.* түп (*курулуштун түбү*); **2.** (*основа*) база (*негиз*); **на ба́зе социали́зма** социализм базасында; **материа́льная ба́за** материалдык база; **3.** (*склад*) база; **сырьева́я ба́за** сырьё базасы; **кормова́я ба́за** тоют базасы; **4.** (*учреждение*) база (*спорт жумуштарын тейлеп, жабдып туруучу жай*); **тури́стская ба́за** туристтик база; **экскурсио́нная ба́за** экскурсиялык база; **5.** *воен.* база (*согушка керектүү курулуштарды жана запастарды топтогон жай*); **вое́нно-морска́я ба́за** согуш-деңиз базасы.

**БАЗА'ЛЬТ** *м. мин.* базальт (*жанар тоодон пайда болгон тоо теги*).

**БАЗА'ЛЬТОВЫЙ,** -ая, -ое **базальт**-*ка т.*; базальттык, базальттуу; **база́льтовый туф** базальттуу туф.

**БАЗА'Р** *м.* **1.** базар; **2.** *перен. разг.* (*шум*) дуу-дуу.

**БАЗА'РНЫЙ,** -ая, -ое **базар** 1-*ге т.*; **база́рный день** базар күнү.

**БАЗЕ'ДОВ: базе́доваболе́знь** *мед.* базедов оорусу (*калкан сымак бездин оорусу аркасында богок пайда болуп көз бакырайыңкы тартып калуу*).

**БАЗИЛИ'К** *м. бот.* райкан (*гүл*).

**БАЗИЛИ'КА** *ж. архит.* базилика (*антик замандагы жана орто кылымдагы курулуштун, үйдүн түрү; анын ичинде эки катар узата жасалган колонналары болгон*).

**БАЗИ'РОВАТЬ** *несов. что на чём* негиздөө, таянуу.

**БАЗИ'РОВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *на чём* негизденүү, негиз кылуу; **2.** *на что. воен.* база кылуу, база жасоо.

**БА'ЗИС** *м.* **1.** *филос.* базис (*өндүрүш мамилелеринин жыйындысы, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн белгилүү баскычына туура келүүчү коомдун экономикалык түзүлүшү*); **2.** *архит.* түп (*курулуштун түбү*).

**БАЙ** *м. ист.* бай.

**БАЙ, БАЙ-БА'Й** *межд.* алдей-алдей; **иди́ бай-ба́й** барып укта.

**БАЙБА'К** *м.* **1.** *зоол.* талаа сууру; **2.** *перен.* жалкоо.

**БАЙДА'РКА** *ж. спорт.* байдарка (*сыңар калак менен айдалуучу, кадыресе бир кишилик жеңил кайык*)

**БА'ЙКА** *ж. текст.* байка (*кебезден токулган өтө түктүү жумшак кездеме*).

**БА'ЙКОВЫЙ,** -ая, -ое **байка**-*га т.*; байкалык; **ба́йковое одея́ло** байка одеяло, байка адыял.

**БА'ЙХОВЫЙ: ба́йховый чай** *уст.* памил (мамили) чай.

**БАК** I *м.* бак (*суюк нерсе куюлуучу чоң идиш*).

**БАК** II *м. мор.* бак (*кеме палубасынын тумшук жак бөлүгү*).

**БАКАЛЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **бакалея**-*га т.*; бакалеялык; **бакале́йные това́ры** бакалея товарлары, бакалеялык товарлар.

**БАКАЛЕ'Я** *ж.* **1.** *собир.* бакалея (*кант, чай, ун, күрүч, кургатылган жемиштер сыяктуу азык, тамак*); **2.** (*магазин*) бакалея (*ушул азыктар менен соода кылуучу магазин*).

**БА'КЕН** *м. мор.* бакен (*якорго бекитилген калкыма белги*).

**БАКЕНБА'РДЫ** *мн.* (*ед.* **бакенба́рда** *ж.*) бакенбардалар (*ээк кырылып, жаак бойлото коюлган сакал*).

**БА'КИ** *мн.* (*ед.* **бак** *м.*) баки; *см.* **бакенба́рды.**

**БАККАРА'** *ср. нескл.* баккара (*хрусталдан жасалган жогорку сапаттуу буюмдар*).

**БАКЛАЖА'Н** *м.* баклажан (*түштүк жакта өсүүчү жашылчанын бир түрү*).

**БАКЛАЖА'ННЫЙ,** -ая, -ое **баклажан**-*га т.*; **баклажа́нная икра́** баклажан икрасы.

**БАКЛА'Н** *м. зоол.* кара каз.

**БАКЛУ'ШИ: бить баклу́ши** *разг.* эшек такалоо (*бекер жүрүү*).

**БАКТЕРИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **бактерия**-*га т.*; бактериялык; **бактериа́льное удобре́ние** бактериялык жер семирткич.

**БАКТЕРИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* бактериялоо, бактериялаштыруу.

**БАКТЕРИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **бактериа́льный.**

**БАКТЕРИО'ЛОГ** *м.* бактериолог (*бактериология менен иришүүчү окумуштуу*).

**БАКТЕРИОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **бактериология**-*га т.*; бактериологиялык; **бактериологи́ческий институ́т** бактериологиялык институт.

**БАКТЕРИОЛО'ГИЯ** *ж.* бактериология (*бактерия жөнүндөгү илим*).

**БАКТЕРИОФА'Г** *м.* бактериофаг (*бактерияларды өлтүргүч зат*).

**БАКТЕ'РИЯ** *ж.* бактерия (*көзгө илээшпеген майда организм*).

**БАЛ** *м.* бал (*бийлөө менен боло турган зоок кечеси*).

**БАЛАБА'Н** *м. зоол.* ителги.

**БАЛАГА'Н** *м.* **1.** *уст.* (*деревянная постройка на ярмарке*) балаган (*жармаңке соодасы үчүн же оюн коюу үчүн жыгачтан жасалган үй*); **2.** *уст.* (*зрелище*) көчмө театр; **3.** *перен.* одоно калжың.

**БАЛАГУ'Р** *м. разг.* калжыңчы, күлдүргүч, куудул, тамашакөй.

**БАЛАГУ'РИТЬ** *несов. разг.* куудулдук кылуу, куудулдануу, тамашакөйлүк кылуу.

**БАЛАЛА'ЕЧНИК** *м.* балалайкачы.

**БАЛАЛА'ЕЧНЫЙ,** -ая, -ое **балалайка**-*га т.*; балалайкалык; **балала́ечные стру́ны** балалайка кылдары; **балала́ечный орке́стр** балалайкачылар оркестри.

**БАЛАЛА'ЙКА** *ж.* балалайка (*үч же төрт кылдуу комуз — музыкалык инструмент*).

**БАЛАМУ'ТИТЬ** *несов. разг.* **1.** *что* ылайлоо; **баламу́тить во́ду** сууну ылайлоо; **2.** *кого, перен.* дүрбөлөң түшүрүү.

www.bizdin.kg

**БАЛА'НС** I *м.* баланс (1. *бухг. ишкананын белгилүү мөөнөттүн ичиндеги каражатынын абалы жөнүндөгү ведомость;* 2. *эк. өлкөнүн тышка чыгарган жана киргизгендеринин ара катышы*).

**БАЛА'НС** II *м. тех.* баланс (*целлюлоза чыгарыла турган жыгач материалы*).

**БАЛАНСИ'Р** *м. тех.* балансир (1. *рычагдын бир түрү;* 2. *чөнтөк сааттын маятник ордундагы регулятору*).

**БАЛАНСИ'РОВАТЬ** I *несов.* (*сохранять равновесие*) баланстоо, салмагын тең кармоо; **балансúровать на канáте** дардын (аркандын) үстүндө басууда салмагын тең кармоо.

**БАЛАНСИ'РОВАТЬ** II *несов. что, бухг.* баланстоо (*кириш менен чыгышты салыштыруу*).

**БАЛА'НСОВЫЙ,** -ая, -ое **баланс** I-*ге т.;* баланстык; **балáнсовый отчёт** баланстык отчёт (эсеп-кысап).

**БАЛАХО'Н** *м.* балахон (*балбыраган, көлбөөрүгөн кең кийимдин бир түрү*).

**БАЛБЕ'С** *м. разг. презр.* макоо, келесоо.

**БАЛДА'** I *ж. горн.* барскан, оор балка.

**БАЛДА'** II *м. и ж. разг. презр.* кеңкелес, макоо, келесоо.

**БАЛДАХИ'Н** *м.* балдахин (*керебеттин, отургучтун ж. б. үстүнө жаба турган кымбат баалуу чатыр*).

**БАЛЕРИ'НА** *ж.* балерина (*бийчи аял*).

**БАЛЕ'Т** *м.* балет (1. *музыка менен үнсүз бийленген оюн;* 2. *театр. бийинин искусствосу*).

**БАЛЕТМЕ'ЙСТЕР** *м.* балетмейстер (*балетте бийлерди коюучу адам*).

**БАЛЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **балет**-*ке т.;* балеттик; **балéтная шкóла** балет мектеби.

**БА'ЛКА** I *ж.* (*бревно*) төрт кырдуу устун.

**БА'ЛКА** II *ж. обл.* (*овраг*) кокту-колот, коо.

**БАЛКА'РЫ** *мн.* (*ед.* **балкáр** *м.*) балкарлар.

**БАЛКО'Н** *м.* балкон (1. *үйдүн капталына же ооруна бекитилген тосмолуу аянтча;* 2. *театр. партерден жогорку ярустагы орун*).

**БАЛКО'ННЫЙ,** -ая, -ое **балкон**-*го т.;* балкондук; **балкóнная дверь** балкон эшиги.

**БАЛЛ** *м.* 1. *метеор.* балл (*бир нерсенин күчүн өлчөө единицасы*); **вéтер сúлой в пять бáллов** күчү беш балл шамал; 2. (*цифровая оценка*) балл (*окуучулардын билимин жана тартибин баалоо үчүн коюла турган баа*).

**БАЛЛА'ДА** *ж.* баллада (1. *лит. баатырдык же кыялый жомок мазмунунда жазылган сюжеттүү ыр;* 2. *муз. адабият балладасын тууранган музыкалуу чыгарманын бир түрү*).

**БАЛЛА'СТ** *м.* 1. *ав., мор.* балласт (*самолётту, кемени оодарбай, тең алып жүрүүчү жүк*); 2. *ж.-д.* балласт (*рельс менен шпалалардын астына төшөлгөн шагыл, кум, топурак*); 3. *перен.* керексиз жүк.

**БАЛЛИ'СТИКА** *ж. воен.* баллистика (*снаряддын учушу жөнүндөгү илим*).

**БАЛЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **баллистика**-*га т.;* баллистикалык; **баллистúческие прибóры** баллистикалык приборлор.

**БАЛЛО'Н** *м.* 1. (*сосуд*) баллон (*мойну тар, өзү кең айнек идиш*); 2. (*резервуар*) баллон (*газ сактала турган идиш*); 3. (*оболочка аэростата*) баллон (*аэростаттын тышкы кабыгы*); 4. баллон (*автомобилдин шинасынын ичегиси*); ◇ **баллóн-зонд** баллон-зонд (*атмосферанын үстүңкү кабатын текшерүү үчүн колдонулуучу прибору бар кичине шар*).

**БАЛЛОТИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* добуш берүү, шайлоо.

**БАЛЛОТИ'РОВАТЬСЯ** *несов.* 1. добушка коюу (*өз кандидатурасын көрсөтүү*); 2. *страд. к* **баллотúровать.**

**БАЛЛОТИРО'ВКА** *ж.* добуш берүү, шайлоо.

**БА'ЛЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **балл**-*га т.;* баллдык; **бáльная систéма** балл системасы.

**БАЛОВА'ТЬ** *несов. кого* эркелетүү, эрке өстүрүү; **баловáть ребёнка** баланы эркелетүү.

**БАЛОВА'ТЬСЯ** *несов. разг.* эркелөө, тентектик кылуу.

**БА'ЛОВЕНЬ** *м.* 1. (*любимец*) эрке; **бáловень судьбы́** тагдыр эркеси, бактылуу; 2. *разг.* (*шалун*) тентек, шок.

**БАЛОВНИ'К** *м. разг.* 1. (*шалун*) тентек, шок; 2. (*любимец*) эрке, аздек; **бáбушкин баловнúк** чоң эненин эркеси.

**БАЛОВНИ'ЦА** *женск. р. к* **баловнúк.**

**БАЛОВСТВО'** *ср.* 1. (*проказы*) тентектик, шоктук; 2. (*потворство в воспитании*) эрке кылып тарбиялоо.

**БАЛТИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Балтика**-*га т.;* балтикалык.

**БАЛЫ'К** *м.* балык (*тузадалып сүрсүтүлгөн кызыл (сөөксүз) балыктын жон жагы*).

**БАЛЬЗА'М** *м.* 1. бальзам (*жыттуу суюк чайыр*); 2. *уст.* (*целительное средство*) бальзам (*жыттуу чайырдан жасалган дарынын бир түрү*); 3. *перен.* соорotуу, жубатуу.

**БАЛЬЗАМИ'Н** *м. бот.* кына гүл (*кооздук үчүн өстүрүлүүчү тропиктик өсүмдүктүн бир түрү*).

**БАЛЬЗАМИ'РОВАНИЕ** *ср.* бальзамдоо (*өлүктү чирибей турган кылып катыруу*).

**БАЛЬЗАМИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* бальзамдоо; *см.* **бальзамúрование.**

**БАЛЬНЕО'ЛОГ** *м.* бальнеолог (*бальнеология жагынан специалист*).

**БАЛЬНЕОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **бальнеология**-*га т.;* бальнеологиялык.

**БАЛЬНЕОЛО'ГИЯ** *ж. мед.* бальнеология (*шыпаа, арашан суулары жөнүндөгү илим*).

**БА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **бал**-*га т.;* **бáльное плáтье** балга кийиле турган көйнөк.

**БАЛЮСТРА'ДА** *ж.* балюстрада (*балкон же айбанчанын жумуру таякчалардан жасалган тосмосу*).

**БАМБУ'К** *м.* бамбук (*субтропиктик жыгачтын бир түрү*).

**БАМБУ'КОВЫЙ,** -ая, -ое **бамбук**-*ка т.;* бамбуктук; **бамбýковый лист** бамбук жалбырагы.

**БАНА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* баналдуулук, таң болгон сөз, тантык; **говорúть банáльности** таң болгон сөздү сүйлөө.

**БАНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое баналдуу, баналдык, таң болгон, тантык; **банáльная мысль** таң болуп, эскирген ой.

**БАНА'Н** *м.* банан (*тропиктик өсүмдүктүн бир түрү жана ошол өсүмдүктүн жемиши*).

**БАНА'НОВЫЙ,** -ая, -ое **банан**-*га т.;* банандык; **банáновый лист** банан жалбырагы.

**БА'НДА** *ж.* банда.

**БАНДА'Ж** *м.* бандаж (1. *курсак тарткыч;* 2. *тех. болоттон жасалган шина, дөңгөлөк кырчоосу*).

**БАНДА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **бандаж**-*га т.;* бандаждык; **бандáжное произвóдство** бандаж өндүрүшү.

**БАНДЕРО'ЛЬ** *ж.* 1. (*обёртка*) бандероль (*жиберилүүчү китеп, журнал же кол жазманын тилке ороо кагазы*); 2. (*почтовое отправление*) бандероль (*басма же жазма нерселерди почта аркылуу жиберүү формасы*); **отпрáвить бандерóлью** бандероль кылып жиберүү; 3. *уст.* (*ярлык*) бандероль (*кээ бир товарлардын — чай, тамеки ж. б.— сыртындагы акциз төлөнгөндүгүн билдирүүчү жука кагаз*).

**БАНДИ'Т** *м.* бандит.

**БАНДИТИ'ЗМ** *м.* бандитизм.

**БАНДИ'ТСКИЙ,** -ая, -ое **бандит**-*ке т.;* бандиттик.

**БАНДУ'РА** *ж.* бандура (*Украина комузу*).

**БАНДУРИ'СТ** *м.* бандурист, бандурачы (*бандура чалуучу, чертүүчү киши*).

**БАНК** I *м.* (*учреждение*) банк (*мекеме*).

**БАНК** II *м.* (*в карточной игре*) банк (*карта оюнунда — ортого чогулган акча*); **держáть банк** банк кармоо.

**БА'НКА** I *ж.* 1. банка (*азык сакталуучу идиш*); **бáнка мёду** бир банка бал; **консéрвная бáнка** консерва банкасы;

www.bizdin.kg

2. *мед.* банка, оңко, картык (*кан сордуруучу стаканча, оңко*); **ста́вить ба́нки** банка коюу.
**БА'НКА** II *ж. мор.* (*отмель*) банка (*суу жашырып турган тайыздык*).
**БАНКЕ'Т** *м.* банкет (*бир окуяга же бирөөгө арнап даярдалган тамак*); **устро́ить банке́т** банкет берүү, банкет жасоо.
**БАНКИ'Р** *м.* банкир (*капиталисттик өлкөлөрдө — банк ээлеген капиталист же чоң банк акционери*).
**БАНКИ'РСКИЙ,** -ая, -ое **банкир**-*ге т.*; банкирдик.
**БАНКНО'Т** *м. эк.* банкнот (*капиталисттик экономикада — акча ордуна жүрүүчү процентсиз банк билети*).
**БА'НКОВСКИЙ,** -ая, -ое **банк** I-*ге т.*; банктык; **ба́нковский капита́л** банк капиталы; **ба́нковский слу́жащий** банк кызматчысы.
**БА'НКОВЫЙ,** -ая, -ое **банк** I-*ге т.*; банктык; **ба́нковый биле́т** банк билети; **см. банкно́т.**
**БАНКОМЁТ** *м.* (*в карточной игре*) банкачы (*карта оюнунда — банк кармаган киши*).
**БАНКРО'Т** *м.* банкрот (1. *төлөөгө кудуретсиз карыздар*; 2. *перен. көбүнчө коом ишинде иши ордунан чыкпай четтеп калган адам*).
**БАНКРО'ТСТВО** *ср.* банкроттук, банкроттолуш (1. *карыз төлөөгө кудуретсиздик*; 2. *перен. чабалдык, мажүрөөлүк, кунсуздук*).
**БА'ННЫЙ,** -ая, -ое **баня**-*га т.*; **ба́нный день** мончо күнү.
**БАНТ** *м.* бант (*көркөм кылып байланган лента, тасма*).
**БА'НЩИК** *м.* мончочу.
**БА'НЩИЦА** *женск. р.* к **ба́нщик.**
**БА'НЯ** *ж.* мончо, мончо үйү; ◇ **он мне за́дал ба́ню** *разг.* ал мени абдан кысмакка алды.
**БАОБА'Б** *м. бот.* баобаб (*тропиктик көп жашоочу чоң жыгачтын бир түрү*).
**БАР** I *м.* бар (*кичинекей ресторан*).
**БАР** II *м. физ.* бар (*атмосфералык басыштын единицасы*).
**БАР** III *м. мор.* бар (*деңиздеги кумдуу тайыз жер*).
**БАРАБА'Н** *м.* 1. барабан; **бить в бараба́н** барабан согуу, барабан уруу; 2. *тех.* барабан (*механизмдеги айлануучу көңдөй цилиндр*); 3. *архит.* барабан (*үйдүн куполду көтөрүп турган бөлүгү*).
**БАРАБА'НИТЬ** *несов.* 1. (*стучать*) тарсылдатуу, ургулоо, тырсылдатуу; дабыратуу (*напр. о дожде*); **бараба́нить па́льцами по стеклу́** айнекти бармак менен тырсылдатуу; 2. *разг.* (*на рояле*) каңгыратуу.
**БАРАБА'ННЫЙ,** -ая, -ое **барабан**-*га т.*; барабандык; **бараба́нный бой** барабан уруу; ◇ **бараба́нная перепо́нка** *анат.* кулак жаргакчасы, кулак тарсылдагы.
**БАРАБА'НЩИК** *м.* барабанчы.
**БАРА'К** *м.* барак (1. *убактылуу туруу үчүн тактайдан жасалган үй*; 2. *жугуштуу оорулар үчүн обочолонгон үй*).
**БАРА'Н** *м.* кочкор (*производитель*); кочкорок (*молодой нехолощёный*); ирик (*трёхлетний кастрированный*).
**БАРА'НИЙ,** -ья, -ье **баран**-*га*, **овца**-*га т.*; **бара́нье са́ло** кой майы; ◇ **я его́ согну́ в бара́ний рог** мен аны тезге саламын, мен аны кыңк эткис кыламын.
**БАРА'НИНА** *ж.* кой эти.
**БАРА'НКА** I *ж.* калач (*теңелүккө окшотуп жасалган токоч*).
**БАРА'НКА** II *ж. разг.* (*руль автомобиля*) баранка (*автомобилдин рулу*).
**БАРАНТА'** *ж. уст.* барымта.
**БАРАХЛО'** *ср. собир. разг.* эски-уску, көр-жер, ыпыр-сыпыр.
**БАРА'ХТАТЬСЯ** *несов.* чабалактоо, ооналактоо; **бара́хтаться в воде́** суунун ичинде чабалактоо.
**БАРА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **барак**-*ка т.*; **бара́чная постро́йка** барак үй.
**БАРА'ШЕК** *м.* 1. (*ягнёнок*) козу; 2. (*мех*) көрпө.
**БАРА'ШКИ** *только мн.* 1. (*облака*) майда булут; 2. (*волны*) толкундун серпинди кырлары.
**БАРА'ШКОВЫЙ,** -ая, -ое **барашек** 2-*ге т.*; **бара́шковый воротни́к** көрпө жака.
**БАРБАРИ'С** *м. бот.* 1. (*кустарник*) сары жыгач (*бөрү карагат жыгачы*); 2. (*ягода*) бөрү карагат.
**БАРБАРИ'СОВЫЙ,** -ая, -ое **барбарис**-*ке т.*; **барбари́совое варе́нье** бөрү карагаттан жасалган варенье.
**БАРВИ'НОК** *м. бот.* барвинок (*дайыма көгөрүп туруучу кырчындын бир түрү*).
**БАРДА'** *ж.* барда, топ, чөбөгө (*арак, пиво чыгаруучу өндүрүштөн чыккан таштандылар; малга жем катарында берилет*).
**БАРЕЛЬЕ'Ф** *м.* барельеф (*жалпак нерсенин бетине түшүрүлгөн скульптуралык сүрөт*).
**БА'РЖА** *ж.* баржа (*ичине жүк салынып, кемеге чиркелип жүрүүчү чоң кайык*).
**БА'РИЙ** *м. хим.* барий (*күмүш түстүү жумшак металл, химиялык элементтердин бир түрү*).
**БА'РИН** *м.* (*мн.* **ба́ре, ба́ры**) 1. *уст.* барин (*помещик, жер ээси*); 2. *уст.* (*при обращении*) мырза, таксыр; 3. *пренебр.* мырзасынган, ак билек.
**БАРИТО'Н** *м. муз.* баритон (1. *эркектин бас менен тенордун аралыгындагы үнү; коңур үн*; 2. *коңур үндүү обончу*; 3. *үйлөмө жез инструменттин бир түрү*).
**БА'РКА** *ж.* барка (*дарыяда жүрүүчү жүк ташуучу кеме*).
**БАРКАРО'ЛА** *ж. муз.* баркарола (*Венециянын кайыкчыларынын ыры жана ушул ырга ылайык чыгарылган музыкалык чыгарма*).
**БАРКА'С** *м. мор.* баркас (*калак менен айдалуучу чоң кайык*).
**БАРО'ГРАФ** *м.* барограф (*өзү жазуучу барометр*).
**БАРО'ККО** *ср. нескл. иск.* барокко (*16—18 кылымдардагы өтө ыгы жок кооздолгон архитектуралык стиль*).
**БАРО'МЕТР** *м.* барометр (*абанын басышын өлчөй турган аспап*); **рту́тный баро́метр** сымап барометри.
**БАРОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **барометр**-*ге т.*; барометрдик; **барометри́ческое давле́ние** барометрдик басыш.
**БАРО'Н** *м.* барон (*Батыш Европада дворяндардын титулу, наамы*).
**БАРОНЕ'ССА** *женск. р.* к **баро́н**; баронесса (*барондун аялы же кызы*).
**БАРОНЕ'Т** *м.* баронет (*Англияда дворяндык титул, наам*).
**БАРОСКО'П** *м.* бароскоп (*абанын басышынын өзгөрүшүн өлчөөчү прибор*).
**БАРРАЖИ'РОВАТЬ** *несов. ав.* барраждоо (*белгилүү бир объект же районго душмандын авиациясын жакындатпас үчүн самолёттон асманда патрулдук кылуу*).
**БАРРИКА'ДА** *ж.* 1. баррикада (*көчөдө согуш болгон убакытта түрдүү нерседен жасалган тосмо*); 2. *перен.* тосмо, тоскоол.
**БАРРИКАДИ'РОВАТЬ** *несов. что* баррикада жасоо, баррикада куруу.
**БАРРИКА'ДНЫЙ,** -ая, -ое **баррикада**-*га т.*; баррикадалык; **баррика́дный бой** баррикадада согушуу.
**БАРС** *м.* барс, илбирс.
**БА'РСКИЙ,** -ая, -ое **барин** 1-*ге т.*; **ба́рская уса́дьба** бариндин усадьбасы (коругу); ◇ **ба́рские зама́шки** манап кыялдык, төрөчүлүк.
**БА'РСОВЫЙ,** -ая, -ое **барс**-*ка т.*; **ба́рсовая шку́ра** барс териси.
**БА'РСТВО** *ср.* 1. *собир. уст.* бариндер; 2. *перен.* (*изнеженность*) мырзага ылайык жорук.
**БА'РСТВОВАТЬ** *несов. презр.* манапча жашоо.
**БАРСУ'К** *м.* кашкулак.

www.bizdin.kg

**БАРСУ'ЧИЙ,** -ья, -ье барсук-*ка т.*; **барсу́чья шку́ра** кашкулак териси.

**БАРХА'Н** *м.* бархан (*чөлдөгү кум дөбө*).

**БА'РХАТ** *м.* баркыт, макмал.

**БАРХАТИ'СТЫЙ,** -ая, -ое баркыттай, баркыт сымал, баркыт өңдүү; **бархати́стая ко́жа на рука́х** колдун баркыттай жумшак териси.

**БА'РХАТКА** *ж.* баркыт тасма (*баркыттан жасалган тасма*).

**БА'РХАТНЫЙ,** -ая, -ое **1. бархат**-*ка т.*; **ба́рхатное пла́тье** баркыт көйнөк; **2.** *перен.* жумшак, коңур; **ба́рхатный го́лос** жумшак үн, коңур үн.

**БАРЧО'НОК** *м. уст.* бариндин, төрөнүн баласы.

**БАРЧУ'К** *м. см.* **барчо́нок.**

**БА'РЩИНА** *ж. ист.* барщина (*крепостной дыйкандардын помещиктерге милдеттүү иштөөсүнүн бир түрү*).

**БА'РЫНЯ 1.** *женск. р.* **к ба́рин 1**; барыня; **2.** *ж. уст.* (*при обращении к пожилой женщине*) байбиче; **3.** *ж. пренебр.* ак билек (*кара жумуштан качкан аял*).

**БАРЫ'Ш** *м.* пайда.

**БАРЫ'ШНИК** *м. уст.* **1.** (*перекупщик*) алып сатар, кызыл кулак; **2.** (*торговец лошадьми*) жалдапчы, ат алып сатуучу.

**БАРЫ'ШНИЧАТЬ** *несов. чем, уст.* алып сатардык кылуу, кызыл кулактык кылуу.

**БАРЫ'ШНИЧЕСТВО** *ср.* **1.** *уст.* алып сатардык, кызыл кулактык; **2.** (*торговля лошадьми*) жалдапчылык, ат алып сатуучулук.

**БА'РЫШНЯ** *ж.* **1.** *уст.* барышня (*бариндин, төрөнүн кызы*); **2.** *разг.* (*молодая девушка*) бойго жеткен кыз.

**БАРЬЕ'Р** *м.* **1.** барьер (*жолго коюлган тосмо*); **брать барье́р** барьерден ыргып (секирип) өтүү; **2.** *перен.* тоскоол, каргаша, жолто, кедерги; **тамо́женные барье́ры** таможнянын жолтосу (*тыштан товар киргизүүгө жолто болуучу чоң бажы*).

**БАС** *м. муз.* бас (**1.** *эркектин жоон үнү*; **2.** *жоон үндүү обончу*; **3.** *партитуранын жоон үнүн аткаруучу духовой* (*үйлөмө*) *же кылдуу инструмент*).

**БАСИ'СТЫЙ,** -ая, -ое жоон үндүү.

**БАСИ'ТЬ** *несов. разг.* жоон үн менен сүйлөө *же* ырдоо.

**БАСКА'К** *м. ист.* баскак (*Байыркы Русга — татарлар үстөмдүк кылып турган кезде хан бийлигинин өкүлү жана алык-салык жыйноочу адам*).

**БАСКЕТБО'Л** *м. спорт.* баскетбол (*топту торго ыргытып түшүрө турган оюн*).

**БАСКЕТБОЛИ'СТ** *м.* баскетболчу (*баскетбол оюнун жакшы билген адам*).

**БАСКЕТБОЛИ'СТКА** *женск. р.* **к баскетболи́ст.**

**БАСКЕТБО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **баскетбол**-*го т.*; баскетболдук; **баскетбо́льная кома́нда** баскетбол командасы.

**БАСМА'** *ж.* басма (*чачтын боёгу; чачты боёочу боёк*).

**БАСМА'Ч** *м. ист.* басмачы.

**БАСМА'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **басмач**-*ка т.*; **басма́ческий отря́д** басмачылар отряды.

**БАСМА'ЧЕСТВО** *ср. ист.* басмачылык.

**БАСНОПИ'СЕЦ** *м.* тамсил жазуучу, тамсилчи.

**БАСНОСЛО'ВНО** *нареч.* укмуштуу, эң эле, өтө эле; **баснoсло́вно дёшево** эң эле арзан.

**БАСНОСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое укмуштуу, эң эле, өтө эле; **баснoсло́вный урожа́й** укмуштуу мол түшүм.

**БА'СНЯ** *ж.* **1.** *лит.* тамсил; **2.** *чаще мн., перен.* (*выдумка*) куру жомок (*чындыкка туура келбеген, калп*); ◇ **соловья́ ба́снями не ко́рмят** *посл.* куру аякка бата жүрбөйт; булбулга жомок аш болбойт.

**БАСО'ВЫЙ,** -ая, -ое **бас**-*ка т.*; **басо́вые но́ты** бас ноталары; **басо́вый ключ** бас ключу.

**БАССЕ'ЙН** *м.* **1.** (*искусственный водоём*) бассейн (*жасалма көлмө*); **бассе́йн для пла́вания** сүзүү үчүн жасалган бассейн; **2.** *геогр.* бассейн (*өзөн өзүнүн тармактары менен агып өткөн территория же бир көлгө куйган бардык өзөн*); **бассе́йн реки́ Сыр-Дарьи́** Сыр-Дарыя өзөнүнүн бассейни; **3.** *геол.* бассейн (*казылып алынуучу байлыктар жаткан жай*); **каменноуго́льный бассе́йн** таш көмүр бассейни.

**БА'СТА** *межд.* болду, болду эми, жетишет; **ну, поигра́л и ба́ста!** ойнодуңбу, болду эми!

**БАСТИО'Н** *м. воен. уст.* бастион (*беш бурчтуу формадагы крепость же сепил*).

**БАСТОВА'ТЬ** *несов.* забастовка чыгаруу, иш таштоо.

**БАСТР** *м.* бастр (*сапаты төмөн сары кум шекер*).

**БАСТУ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **бастова́ть; 2.** *в знач. сущ. м.* забастовкачы (*иш таштоочу, иш таштоого катышуучу, забастовка чыгаруучу*).

**БАТАЛИ'СТ** *м. иск.* баталист (*согуш аракетин же согуш эпизодун тартуучу художник*).

**БАТА'ЛИЯ** *ж. уст.* согуш, уруш.

**БАТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *иск.* баталдык, согушту көрсөткөн; **бата́льная живопись** согуш көрсөтүлгөн живопись (сүрөт).

**БАТАЛЬО'Н** *м.* батальон; **стрелко́вый батальо́н** аткычтар батальону.

**БАТАЛЬО'ННЫЙ,** -ая, -ое **1. батальон**-*го т.*; батальондук; **батальо́нный команди́р** батальон командири; **2.** *в знач. сущ. м.* батальонный (*батальон начальниги*).

**БАТАРЕ'ЙНЫЙ** I, -ая, -ое **батарея I**-*ге т.*; батареялык; **батаре́йный обо́з** батарея обозу.

**БАТАРЕ'ЙНЫЙ** II, -ая, -ое **батарея II**-*ге т.*; батареялык; **батаре́йная устано́вка** батареялык установка.

**БАТАРЕ'Я** I *ж. воен.* батарея (*бир нече замбиректен же миномёттон түзүлгөн артиллериялык же миномёттук бөлүк*).

**БАТАРЕ'Я** II *ж.* **1.** *эл.* батарея (*бир түрдүү бир нече элементтердин бир жерде тизмектелиши*); **аккумуля́торная батаре́я** аккумулятор батареясы; **2.** *тех.* батарея (*окшош элементтерден тизилген прибор*); **батаре́я парово́го отопле́ния** буу менен жылытуунун батареясы.

**БАТИ'СТ** *м.* батист (*жука кездеменин бир түрү*).

**БАТИ'СТОВЫЙ,** -ая, -ое **батист**-*ке т.*; **бати́стовый плато́к** батист жоолук.

**БАТМА'Н** *м. уст.* (*мера веса*) батман (*2 пуддан 12 пудга чейин барабар болгон салмак өлчөмү*).

**БАТО'Г** *м. уст.* келтек, таяк (*жазалоо куралы*).

**БАТО'Н** *м.* батон (*сүйрү бөлкө, конфета, шоколад ж. б.*).

**БАТРА'К** *м.* батрак, малай (*помещикке, кулакка, байга жалданып иштөөчү дыйкан*).

**БАТРА'ЦКИЙ,** -ая, -ое **батрак**-*ка т.*

**БАТРА'ЧЕСТВО** *ср.* **1.** (*занятие батрака*) батрактык, малайлык; **2.** *собир.* батрактар, малайлар.

**БАТРА'ЧИТЬ** *несов.* батрак болуу, малай жүрүү (*помещикке, кулакка, байга жалданып иштөө*).

**БАТРА'ЧКА** *женск. р.* **к батра́к.**

**БА'ТЮШКА** *м. уст. разг.* **1.** (*отец*) ата; **2.** *разг.* (*обращение*) аке, ага, аксакал; **3.** (*священник*) поп, боп; ◇ **ба́тюшки!** *разг.* баракелде!, бул эмне деген жорук!

**БАУ'Л** *м.* кол сандык (*көбүнчө — булгаары менен капталган*).

**БАХ** *межд. и в знач. сказ.* тарс-турс (*этүү*).

**БАХВА'Л** *м. разг.* мактанчаак, апыраңдаган, көйрөң.

**БАХВА'ЛИТЬСЯ** *несов. чем, разг.* мактануу, апыраңдоо, көйрөңдүк кылуу.

**БАХВА'ЛЬСТВО** *ср. разг.* мактанчаактык, апыраңдоочулук, көйрөңдүк.

**БАХРОМА'** *ж.* бахрома (*кооздук үчүн түрдүү жиптен жасалган чачы, чок*).

**БАХРО'МЧАТЫЙ,** -ая, -ое бахрома сыяктуу, бахромасы бар.

www.bizdin.kg

**БАХТАРМА'** *ж.* (*сторона шкуры, прилегающая к телу животного*) теринин чели, теринин ички бети.

**БАХЧА'** *ж.* бакча (*коон, дарбыз ж. б. айдалган талаа жер*).

**БАХЧЕВО'ДСТВО** *ср.* бакчачылык (*коон, дарбыз ж. б. айдоочулук*).

**БАХЧЕВО'Й,** -а́я, -о́е **бахча**-*га т.*; **бахчевы́е культу́ры** бакча өсүмдүктөрү.

**БАЦ** *межд. и в знач. сказ.* шак, чак (*этүү*).

**БАЦИ'ЛЛА** *ж.* бацилла (*түрдүү ооруларды козгоочу бактерия*).

**БАЦИЛЛОНОСИ'ТЕЛЬ** *м.* бациллалуу.

**БАЦИЛЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое **бацилла**-*га т.*; бациллалык.

**БАЧО'К** *м. уменьш. от* **бак** I кичинекей бак.

**БА'ШЕННЫЙ,** -ая, -ое **башня**-*га т.*; **ба́шенные ча́сы** мунара сааты.

**БАШКА'** *ж. разг.* баш; **башка́ трещи́т** баш зыңылдап ооруйт, баш зыңылдайт (каңгырайт).

**БАШКИ'Р** *м.* башкырт.

**БАШКИ'РКА** *женск. р. к* **башки́р**; башкирка.

**БАШКИ'РСКИЙ,** -ая, -ое **Башкирия**-*га*, **башкир**-*ге т.*; **башки́рский язы́к** башкырт тили.

**БАШКИ'РЫ** *мн.* башкырттар.

**БАШЛЫ'К** *м.* кулакчындын бир түрү.

**БАШМА'К** *м. тех.* башмак (*таяныч үчүн ылайыкталган нерсе*).

**БАШМАКИ'** *мн.* (*ед.* **башма́к** *м.*) башмактар (*бут кийимдин бир түрү*); ◇ **быть под башмако́м у жены́** аялынын таман алдында болуу.

**БАШМА'ЧНИК** *м. уст.* өтүкчү, кепиччи.

**БАШМА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **башмаки**-*ге т.*; **башма́чное произво́дство** башмак өндүрүшү.

**БА'ШНЯ** *ж.* мунара; бурана; **си́лосная ба́шня** силос мунарасы; **ору́дийная ба́шня на корабле́** кемедеги орудиелик мунара.

**БАШТА'Н** *м. обл. см.* **бахча́**.

**БА'Ю: ба́ю-бай, ба́юшки-баю́, ба́ю-ба́юшки-баю́** *межд.* алдей-алдей.

**БАЮ'КАНЬЕ** *ср.* алдайлөө.

**БАЮ'КАТЬ** *несов. кого-что* алдейлөө.

**БАЯДЕ'РКА** *ж.* баядерка (*Индияда храмда кызмат кылуучу бийчи, обончу аял*).

**БАЯ'Н** *м.* баян (*гармондун бир түрү*).

**БАЯНИ'СТ** *м.* баянчы (*гармончу*).

**БДЕ'НИЕ** *ср. уст.* сергектик кылуу, уктабоо.

**БДИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* кыраакылык менен.

**БДИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кыраакылык, сергектик, сактык; **проявля́ть бди́тельность** кыраакылык көрсөтүү.

**БДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кыраакы, сергек, сак.

**БЕГ** *м.* 1. жүгүрүү, чабуу, чуркоо; **соскочи́ть с ло́шади на всём бегу́** чаап баратып, аттан ыргып түшүү; 2. *спорт.* жүгүрүү, жөө байге, жөө жарыш; **бег на сто ме́тров** жүз метр жерге жүгүрүү; **бег на ме́сте** орунда жүгүрүү; ◇ **быть в бега́х** 1) *уст.* качкында жүрүү; 2) *разг.* качып-бозуп жүрүү.

**БЕ́ГА'** *только мн. спорт.* 1. (*гонки*) таскак жарыштыруу; 2. (*ипподром*) ат чабуучу жай.

**БЕ'ГАТЬ** *несов.* 1. *см.* **бежа́ть** I; **бе́гать с ме́ста на ме́сто** бир жерге жай алып турбоо, бир орундан экинчи орунга дайыма которула берүү, ары-бери чапкылоо; **бе́гать за ке́м-либо** 1) бирөөнүн артынан дайыма жүрүү; 2) *перен.* (*заискивать*) бирөөнүн үстү-астына түшүү, жаң-алы калбоо; 3) *перен.* (*ухаживать*) бирөөнүн артынан түшүү; **бе́гать от кого́-чего́-либо** (*избегать*) бирөөдөн же бир нерседен жашырынуу, качуу; 2. *перен.* (*о глазах, о взгляде*) ойноп туруу; **глаза́ его́ так и бе́гают** анын көздөрү ойноп турат; ◇ **от стра́ха мура́шки по спине́ бе́гают** корккондон бүткөн бою «дүр» дей түштү.

**БЕГЕМО'Т** *м. зоол.* бегемот (*Африканын дарыяларында, көлдөрүндө жашоочу туяктуу чоң жаныбар*).

**БЕГЛЕ'Ц** *м.* качкын.

**БЕ'ГЛО** *нареч.* 1. (*легко, без затруднений*) тез, ылдам, шар; **бе́гло чита́ть** шар окуу, тез окуу; **бе́гло игра́ть на роя́ле** роялда тез ойноо; 2. (*поверхностно*) үстүртөн гана ... салуу, ары-бери ... салуу; **бе́гло просмотре́ть кни́гу** китепти үстүртөн гана карап салуу, китепти көз жүгүртүп карап чыгуу.

**БЕ'ГЛОСТЬ** *ж.* тездик, чапчаңдык, маштык; **бе́глость чте́ния** окуунун тездиги (шыдырлыгы).

**БЕ'ГЛЫЙ,** -ая, -ое 1. (*быстрый*) тез, ылдам, бат; **бе́глый взгляд** тез көз жүгүртүү; **бе́глое чте́ние** тез окуу, көз жүгүртүп, бат окуу; 2. (*поверхностный*) көз жүгүртүп; **бе́глый просмо́тр** көз жүгүртүп эле өтүү; 3. *в знач. сущ м., ж.* качкын; ◇ **бе́глый ого́нь** *воен.* бат-бат аткылоо; **бе́глые гла́сные** *лингв.* түшүп калма үндүүлөр (*мис.* лоб—лба, отец — отца, кийим — кийми).

**БЕГЛЯ'НКА** *женск. р. к* **беглéц**.

**БЕГОВО'Й,** -а́я, -о́е *спорт.*: **бегова́я доро́жка** тегеретме, жарыш жолу; **бегова́я ло́шадь** күлүк ат, байге аты.

**БЕГО'М** *нареч.* жүгүрүп, жүгүрө; **догна́ть бего́м** *разг.* жүгүрүп жетүү; ◇ **бего́м марш!** бегом марш! (*«жүгүр!» деген команда берүү*).

**БЕГО'НИЯ** *ж. бот.* бегония (*гүлдүн бир түрү*).

**БЕГОТНЯ'** *ж. разг.* 1. ары-бери чапкылоо, ары-бери жүгүрүү; 2. *перен.* (*хлопоты, спешка*) тынчы жоктук, аркы-терки чуркап шашкалактоо.

**БЕ'ГСТВО** *ср.* качуу; **бе́гство из пле́на** туткундан качуу; **обрати́ть в бе́гство** качыруу, качууга аргасыз кылуу.

**бегу́, бежи́шь** *и т. д. наст. вр. от* **бежа́ть**.

**БЕГУ'Н** *м. спорт.* жөө күлүк.

**БЕГУНКИ'** *мн.* (*ед.* **бегуно́к** *м.*) *тех.* паровоздун кичине дөңгөлөктөрү.

**БЕГУНЫ'** *мн. тех.* бегуны (*ар түрдүү материалдарды майдалоочу машина, мис. тегирмен ташы*).

**БЕГУ'НЬЯ** *женск. р. к* **бегу́н**.

**БЕДА'** *ж.* балаа, бакытсыздык, балакет; **вы́ручить из беды́** балаадан куткаруу; ◇ **беда́!** *межд.* балакет!, кырсык!, кайгы!; **на беду́** балакет болуп; **не беда́!** эч нерсе эмес!, эчтеме эмес!; **лиха́ беда́ нача́ло** *погов.* көз—коркок, кол—баатыр; башы башталды, аягы бүтөр; бири кетти, неси калды!

**БЕДНЕ'ТЬ** *несов.* кедейленүү, жарды болуу.

**БЕ'ДНО** *нареч.* кедей, жарды.

**БЕ'ДНОСТЬ** *ж.* 1. (*нужда*) кедейлик, жардылык, жакырдык, бечаралык; 2. *перен.* аздык; **бе́дность фа́ктов** фактылардын аздыгы.

**БЕДНОТА'** *ж. собир.* кедейлер.

**БЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неимущий*) жарды, кедей; 2. (*несчастный*) бакытсыз, байкуш; 3. *перен.* кызыксыз, мазмунсуз; **расска́з с бе́дным содержа́нием** мазмунсуз, кызыгы жок аңгеме; 4. *в знач. сущ.* **бе́дные** *мн.* кедейлер.

**БЕДНЯ'ГА** *м. и ж. разг.* байкуш, шордуу, бечара; **он уста́л, бедня́га** ал, байкуш, чарчады.

**БЕДНЯ'ЖКА** *м. и ж. см.* **бедня́га**.

**БЕДНЯ'К** *м.* 1. (*неимущий человек*) кедей, бечара; 2. (*малоземельный крестьянин*) кедей (*дыйкан*).

**БЕДНЯ'ЦКИЙ,** -ая, -ое **бедняк** 2-*ге т.*; **бедня́цкое хозя́йство** кедей дыйкан чарбасы.

**БЕДНЯ'ЧЕСТВО** *ср. собир.* жардылар, кедейлер.

**БЕДО'ВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* шок, кыйын, угуттуу; **бедо́вый па́рень** кыйын жигит.

**БЕ'ДРЕННЫЙ,** -ая, -ое: **бе́дренная кость** *анат.* кашка жилик.

**БЕДРО'** *ср.* 1. *анат.* сан; **у́зкие бёдра** куурай сан, 2. (*часть мясной туши*) сан эт.

**БЕ'ДСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое кырсыктуу, балакеттүү, оор, азаптуу; **бе́дственное положе́ние** оор абал.

www.bizdin.kg

**БЕ'ДСТВИЕ** *ср.* кырсык, балакет, муктаждуулук, оор күн, бакытсыздык; **сигна́л бе́дствия** кырсык башталгандыгы жөнүндөгү сигнал.

**БЕ'ДСТВОВАТЬ** *несов.* кедейлик турмушта жашоо, жокчулуктун каарын тартуу, оор күн өткөрүү, муктаж болуу.

**БЕДУИ'Н** *м.* бедуин (*көчмөн араб*).

**БЕЖ** *прил. неизм.* саргыч боз.

**БЕЖА'ТЬ** 1. *несов.* жүгүрүү, чабуу, чуркоо; 2. *сов. и несов.* (*убежать*) качуу, качып кетүү, жоголуу, качып кутулуу (*мис. туткундан*); 3. *несов. перен.* (*о времени*) тез өтүү; **вре́мя бежи́т бы́стро** убакыт тез өтүп жатат; 4. *несов. перен.* (*спешить*) шашуу, алга кетүү; **часы́ бегу́т** саат алга кетет; 5. *несов. перен.* (*течь*) агуу, диркирөө; **кровь бежи́т из ра́ны** жарадар болгон жерден кан агып жатат; 6. *несов.* (*при кипячении*) ташуу, ташып төгүлүү; **молоко́ бежи́т** сүт ташып жатат.

**БЕ'ЖЕВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* саргыч боз; **бе́жевое пла́тье** саргыч боз көйнөк.

**БЕ'ЖЕНЕЦ** *м.* качкын.

**БЕ'ЖЕНКА** *женск. р. к* **бе́женец.**

**БЕЗ (БЕЗО)** *предлог с род. п.* -сыз, жок, кем; **без де́нег** акчасыз; **без нас не начина́йте** бизсиз (биз келмейинче) баштабагыла; **без пяти́ шесть** беш минута кем алты; ◇ **без сомне́ния** *вводн. сл.* шексиз; **не без по́льзы** пайдасыз эмес; **без огово́рок** эскертүүсүз, кыңк-мыңксыз, сөзсүз; **и без того́** ансыз эле.

**БЕЗ- (БЕЗЪ-, БЕС-)** *приставка* -сыз, жок; **безвозду́шный** абасыз; **безбиле́тный** билетсиз, билети жок; **бескульту́рье** маданиятсыздык.

**БЕЗАВАРИ'ЙНОСТЬ** *ж.* авариясыздык.

**БЕЗАВАРИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое авариясыз; **безавари́йный полёт** авариясыз учуш.

**БЕЗАЛА'БЕРНО** *нареч.* тартипсиз, иретсиз.

**БЕЗАЛА'БЕРНОСТЬ** *ж. разг.* тартипсиздик, илээндилик, иретсиздик.

**БЕЗАЛА'БЕРНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* тартипсиз, илээнди, иретсиз; **безала́берный челове́к** илээнди киши.

**БЕЗАЛКОГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое алкоголсуз, алкоголь катышпаган; **безалкого́льный напи́ток** алкоголсуз ичимдик.

**БЕЗАПЕЛЛЯЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. апелляцияга жол койбогон; **безапелляцио́нное реше́ние** апелляцияга жол койбогон чечим; 2. *перен.* унчуктурбас, каяша кылдырбас.

**БЕЗБЕ'ДНО** *нареч.* оокаттуу болуп, жокчулук көрбөй, муктажсыз; **жить безбе́дно** жокчулук көрбөй жашоо.

**БЕЗБЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое оокаттуу, колдо бар, жокчулук көрбөй, муктажсыз; **безбе́дное существова́ние** оокаттуу тиричилик.

**БЕЗБИЛЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое билетсиз, билети жок; **безбиле́тный пассажи́р** билетсиз пассажир.

**БЕЗБО'ЖИЕ** *ср.* кудайсыздык, кудайды жана динди жок дечүүлүк.

**БЕЗБО'ЖНИК** *м.* динсиз киши, кудайды жана динди танууучу киши.

**БЕЗБО'ЖНО** *нареч. разг.* ыксыз, кудайды карабай, чактабай; **безбо́жно врать** ыксыз калп айтуу.

**БЕЗБО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* ыксыз, барып турган, кудайды карабаган, чактабаган; **безбо́жная ложь** барып турган калп.

**БЕЗБОЛЕ'ЗНЕННО** *нареч.* 1. (*без боли*) оорутпай, оорубай; 2. *перен.* (*без осложнений*) оңой, камырдан кыл суургандай.

**БЕЗБОЛЕ'ЗНЕННОСТЬ** *ж.* 1. оорутпагандык, оорубагандык; 2. *перен.* оңойлук.

**БЕЗБОЛЕ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*без боли*) оорусуз, оорутпай турган; **безболе́зненная опера́ция** оорутпай иштелген операция; 2. *перен.* зыянсыз, кыйынчылыкка учуратпай турган; **безболе́зненное реше́ние вопро́са** маселени кыйынчылыкка учуратпай турган кылып чечүү.

**БЕЗБОРО'ДЫЙ,** -ая, -ое көсөө, сакалсыз.

**БЕЗБОЯ'ЗНЕННО** *нареч.* коркпой, эр жүрөктүүлүк менен, кайраттуулук менен.

**БЕЗБОЯ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое коркпогон, коркпос, жүрөктүү, кайраттуу.

**БЕЗБРА'ЧИЕ** *ср.* так өтүү, кечил өтүү, аял албоо, күйөөгө чыкпоо.

**БЕЗБРА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое так өткөн, кечил өткөн, аял албаган, күйөөгө чыкпаган.

**БЕЗБРЕ'ЖНОСТЬ** *ж.* чексиздик, учу-кыйыры жоктук, мелмирегендик.

**БЕЗБРЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое чексиз, учу-кыйыры жок, мелмиреген; **безбре́жное мо́ре** мелмиреген деңиз.

**БЕЗБРО'ВЫЙ,** -ая, -ое кашсыз, кашы жок.

**БЕЗВЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое кабарсыз, дарексиз, дареги жок, дайынсыз, зымкыя; **безве́стное отсу́тствие** *юр.* кабарсыз жоголуу, зымкыя жок болуу.

**БЕЗВЕ'ТРЕННЫЙ,** -ая, -ое шамалсыз, желсиз; **безве́тренная пого́да** шамалсыз аба ырайы.

**БЕЗВЕ'ТРИЕ** *ср.* шамалсыздык, желсиздик.

**БЕЗВИ'ННО** *нареч.* айыпсыз, күнөөсүз.

**БЕЗВИ'ННЫЙ,** -ая, -ое айыпсыз, күнөөсүз.

**БЕЗВКУ'СИЕ** *ср. см.* **безвку́сица.**

**БЕЗВКУ'СИЦА** *ж.* жарашыксыздык, жагымсыздык.

**БЕЗВКУ'СНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о пище*) даамсыз, даамы жок; 2. *перен.* жарашыксыз, жагымсыз; **безвку́сное украше́ние** жагымсыз жасалга.

**БЕЗВЛА'СТИЕ** *ср.* өкмөтсүздүк, баш аламандык.

**БЕЗВО'ДНЫЙ,** -ая, -ое суусуз; **безво́дная пусты́ня** суусуз чөл; ◇ **безво́дная кислота́** *хим.* кургак кислота (*составында суу жок*).

**БЕЗВО'ДЬЕ** *ср.* суусуздук.

**БЕЗВОЗВРА'ТНО** *нареч.* кайтпастан, кайта келбестен, таптакыр; **исче́знуть безвозвра́тно** таптакыр жоголуу.

**БЕЗВОЗВРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое кайтарылбас, кайта берилбес; **безвозвра́тная ссу́да** кайтарылбас ссуда.

**БЕЗВОЗДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое: **безвозду́шное простра́нство** *физ.* абасыз мейкиндик.

**БЕЗВОЗМЕ'ЗДНО** *нареч.* төлөөсүз, бекер; **получи́ть что-л. безвозме́здно** *бир нерсени* төлөөсүз алуу.

**БЕЗВОЗМЕ'ЗДНЫЙ,** -ая, -ое төлөөсүз, бекер; **безвозме́здное по́льзование** төлөөсүз пайдалануу.

**БЕЗВО'ЛИЕ** *ср.* жумшактык, мококтук, оопайлык.

**БЕЗВОЛО'СЫЙ,** -ая, -ое түксүз, чачсыз.

**БЕЗВО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое оопай, бош; **безво́льный челове́к** оопай киши; **безво́льный хара́ктер** бош мүнөз.

**БЕЗВРЕ'ДНО** *нареч.* зыянсыз, залалсыз.

**БЕЗВРЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое зыянсыз, залалсыз.

**БЕЗВРЕ'МЕННО** *нареч.* убакытсыз, бейубак, мезгилсиз; **безвре́менно поги́бнуть** мезгилсиз өлүү.

**БЕЗВРЕ'МЕННЫЙ,** -ая, -ое убакытсыз, бейубак, мезгилсиз; **безвре́менная смерть** мезгилсиз өлүм.

**БЕЗВРЕ'МЕНЬЕ** *ср. уст.* коомдун басынып пассивдүү болгон чагы.

**БЕЗВЫ'ЕЗДНО** *нареч.* эч жакка чыкпастан, эч кайда чыкпай; **он жил безвы́ездно в дере́вне** ал кыштактан эч кайда чыкпай жашаган.

**БЕЗВЫ'ХОДНО** *нареч.* 1. (*неотлучно*) эч жакка чыкпастан; 2. *перен.* чарасыз, аргасыз.

**БЕЗВЫ'ХОДНОСТЬ** *ж.* чарасыздык, арга жоктук, амалсыздык, айласыздык.

**БЕЗВЫ'ХОДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*без отлучек*) эч жакка чыкпаган; 2. *перен.* чарасыз, аргасыз, амалсыз, айласыз; **он в безвы́ходном положе́нии** ал аргасыз абалда, амалы түгөндү.

**БЕЗГЛА'ЗЫЙ,** -ая, -ое көзсүз, көзү жок, сокур.

**БЕЗГЛА'СНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* өзүнчө пикири болбогон.

www.bizdin.kg

**БЕЗГОЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. башсыз, башы жок; 2. *перен.* (*глупый*) акылсыз; 3. *перен.* (*забывчивый*) унутчаак.

**БЕЗГОЛО'СЫЙ,** -ая, -ое үнү жок, үнсүз; **безголо́сый певе́ц** үнү жок обончу.

**БЕЗГРА'МОТНО** *нареч.* 1. (*малограмотно*) чала сабаттуу; 2. (*невежественно*) наадан, сабатсыз.

**БЕЗГРА'МОТНОСТЬ** *ж.* 1. (*неграмотность*) сабатсыздык, кат таанубоо; 2. (*малограмотность*) чала сабаттуулук; 3. *перен.* (*невежественность*) наадандык, сабатсыздык.

**БЕЗГРА'МОТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неграмотный*) сабатсыз, кат таанубаган; 2. (*малограмотный*) чала сабаттуу; 3. *перен.* (*невежественный*) наадан, сабатсыз.

**БЕЗГРАНИ'ЧНО** *нареч.* чексиз, өтө, абдан.

**БЕЗГРАНИ'ЧНОСТЬ** *ж.* чексиздик, учу-кыйыры жоктук.

**БЕЗГРАНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. чексиз, учу-кыйыры жок; **безграни́чная степь** учу-кыйыры жок талаа; 2. *перен.* чексиз, аябаган чоң; **безграни́чная ра́дость** аябаган чоң кубаныч; **безграни́чная любо́вь к ро́дине** родинаны чексиз сүйүү.

**БЕЗГРЕ'ШНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* айыпсыз, күнөөсүз.

**БЕЗДА'РНО** *нареч.* зээнсиз, талантсыз.

**БЕЗДА'РНОСТЬ** *ж.* зээнсиздик, талантсыздык, начардык, маанисиздик.

**БЕЗДА'РНЫЙ,** -ая, -ое зээнсиз, талантсыз (*о человеке*); өтө жаман, өтө начар; **безда́рный рома́н** өтө начар роман.

**БЕЗДЕ'ЙСТВИЕ** *ср.* аракетсиздик; **престу́пное безде́йствие** кылмыштуу аракетсиздик.

**БЕЗДЕ'ЙСТВОВАТЬ** *несов.* аракет кылбоо, эч нерсе кылбоо, ишке салкын кароо.

**БЕЗДЕ'ЛИЦА** *ж. разг.* жарытымсыз нерсе, арзыбаган, анча-мынча, болор-болбос нерсе.

**БЕЗДЕЛУ'ШКА** *ж.* майда-чүйдө жасалга.

**БЕЗДЕ'ЛЬЕ** *ср.* бекерчилик, бекер.

**БЕЗДЕ'ЛЬНИК** *м.* бекерчиликке көнгөн адам.

**БЕЗДЕ'ЛЬНИЦА** *женск. р. к* **безде́льник.**

**БЕЗДЕ'ЛЬНИЧАТЬ** *несов.* бекер жүрүү, бош жүрүү, эч нерсе иштебөө.

**БЕЗДЕ'НЕЖНЫЙ,** -ая, -ое акчасыз, пулсуз; **безде́нежный расчёт** *эк.* акчасыз расчёт (*тогошуп такташуу*).

**БЕЗДЕ'НЕЖЬЕ** *ср.* акчасыздык.

**БЕЗДЕ'ТНОСТЬ** *ж.* баласыздык.

**БЕЗДЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое баласыз, баласы жок.

**БЕЗДЕ'ЯТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* демилгесиздик, кашаңдык.

**БЕЗДЕ'ЯТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое демилгесиз, кашаң.

**БЕ'ЗДНА** *ж.* 1. (*про́пасть*) түпсүз ор, түбү жок; 2. (*пучина*) ирим; **морска́я бе́здна** деңиздин ирими; 3. *разг.* (*множество*) толуп жаткан, эң эле көп; **бе́здна дел** эң эле көп, түгөнбөгөн иш.

**БЕЗДО'ЖДЬЕ** *ср.* жамгырсыздык, жамгыр жоктук, жаан-чачынсыздык.

**БЕЗДОКАЗА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* далилсиздик; **бездоказа́тельность обвине́ния** айыптоонун далилсиздиги.

**БЕЗДОКАЗА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое далилсиз, далили болбогон.

**БЕЗДО'МНЫЙ,** -ая, -ое үйү-жайы жок (*о человеке*); ээси жок (*о животном*); **бездо́мная соба́ка** ээси жок ит.

**БЕЗДО'ННЫЙ,** -ая, -ое түпсүз, түбү түшкөн; ◇ **бездо́нная про́пасть** түбү жок тереңдик.

**БЕЗДОРО'ЖЬЕ** *ср.* 1. (*отсутствие дорог*) жолсуздук; 2. (*распутица*) алашалбырт, алашалбыраң (*жазгы жана күзгү жаан-чачындын натыйжасында жол жүрүүнүн кыйындашы*); **весе́ннее бездоро́жье** жазгы алашалбырт.

**БЕЗДУ'МНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* ойлонбогон, сары санаа болбогон (*мис. турмуш*).

**БЕЗДУ'ШИЕ** *ср.* ырайымсыздык, кайырымсыздык, таш боордук.

**БЕЗДУ'ШНО** *нареч.* ырайымсыз, кайырымсыз, таш боорлорчо.

**БЕЗДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое ырайымсыз, ырайымы жок, кайырымсыз, кайырымы жок, таш боор; **безду́шное отноше́ние** таш боор мамиле.

**БЕЗДЫ'МНЫЙ,** -ая, -ое түтүнсүз, түтүнү жок; **безды́мный по́рох** түтүнсүз ок-дары (*мылтыктын ок-дарысы*).

**БЕЗДЫХА'ННЫЙ,** -ая, -ое деми бүткөн, тыны бүткөн, денеси сууган (*мис. өлүк*).

**БЕЗЖА'ЛОСТНОСТЬ** *ж.* катаалдык, таш боордук.

**БЕЗЖА'ЛОСТНЫЙ,** -ая, -ое катаал, таш боор.

**БЕЗЖИ'ЗНЕННОСТЬ** *ж.* жансыздык, жаны жоктук.

**БЕЗЖИ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*мёртвый*) жансыз; **безжи́зненное те́ло** жансыз дене; 2. *перен.* суз, мааниси жок, кызыбаган; **безжи́зненная игра́ арти́ста** артисттин кызыбаган оюну; **безжи́зненный взгляд** суз кароо.

**БЕЗЗАБО'ТНО** *нареч.* камсыз, бейгам, санаасыз, кенебей; **беззабо́тно смея́ться** санаасыз күлө берүү.

**БЕЗЗАБО'ТНОСТЬ** *ж.* камсыздык, бейгамдык, санаасыздык, кенебестик, алаңгазарлык.

**БЕЗЗАБО'ТНЫЙ,** -ая, -ое камсыз, бейгам, санаасыз, кенебес, эч нерсени ойлобогон; **беззабо́тный челове́к** санаасыз киши, эч нерсени ойлобогон киши.

**БЕЗЗАВЕ'ТНО** *нареч.* жан-дили менен, чын жүрөктөн; **беззаве́тно люби́ть ро́дину** родинаны жан-дили менен сүйүү.

**БЕЗЗАВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое жан-дили менен, тайманбаган, чын жүрөктөн; **беззаве́тная пре́данность** жан-дили менен берилгендик; **беззаве́тная хра́брость** тайманбаган эрдик.

**БЕЗЗАКО'НИЕ** *ср.* законсуздук (*отсутствие законности*); законду бузгандык, законду бузуу (*беззаконный поступок*).

**БЕЗЗАКО'ННЫЙ,** -ая, -ое законсуз; **беззако́нные де́йствия** законсуз иш.

**БЕЗЗАСТЕ'НЧИВО** *нареч.* уялбастан, тартынбастан; **беззасте́нчиво лгать** уялбастан туруп калп айтуу.

**БЕЗЗАСТЕ'НЧИВОСТЬ** *ж.* уятсыздык, тартынбастык.

**БЕЗЗАСТЕ'НЧИВЫЙ,** -ая, -ое уялбас, уятсыз, тартынбаган; **беззасте́нчивая ложь** уялбаган, каратып туруп айткан калп.

**БЕЗЗАЩИ'ТНОСТЬ** *ж.* жактоосуздук, таянычы жоктук, тиреги жоктук, өзүн өзү коргой албоочулук, далдасыздык (*коргонууга мүмкүндүгү жоктук*).

**БЕЗЗАЩИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое жактоосуз, таянычсыз, тирексиз, өзүн өзү коргой албаган, далдасыз, коргоосуз, коргонсуз.

**БЕЗЗВЁЗДНЫЙ,** -ая, -ое жылдызсыз, жылдызы жок (*асман*).

**БЕЗЗВУ'ЧНО** *нареч.* үн чыгарбай, үнсүз; **беззву́чно пла́кать** үн чыгарбай ыйлоо.

**БЕЗЗВУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое үнсүз, тыбышсыз; **беззву́чный плач** үнсүз ый.

**БЕЗЗЕМЕ'ЛЬЕ** *ср.* жерсиздик, жери жоктук.

**БЕЗЗЕМЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жерсиз, жери жок.

**БЕЗЗЛО'БНЫЙ,** -ая, -ое арамы жок, ачуусуз; **беззло́бный смех** арамы жок күлкү.

**БЕЗЗУ'БЫЙ,** -ая, -ое 1. тишсиз, тиши жок; **беззу́бый рот** тишсиз ооз; 2. *перен.* мокок, өткүр эмес; **беззу́бая кри́тика** мокок сын.

**БЕЗЛЕПЕСТКО'ВЫЙ,** -ая, -ое *бот.* желекчесиз (*өсүмдүк*).

**БЕЗЛЕ'СНЫЙ,** -ая, -ое токойсуз, токою жок.

**БЕЗЛЕ'СЬЕ** *ср.* токойсуздук.

**БЕЗЛИ'СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое жалбырaксыз, жалбырагы жок; **безли́ственное де́рево** жалбырaксыз жыгач.

**БЕЗЛИ'СТНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **безли́ственный.**

**БЕЗЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое *см.* **безли́ственный.**

**БЕЗЛИ'ЧИЕ** *ср.* бөтөнчөлүгү жоктук, өзүнө таандык каснеттердин жоктугу, ээрчимелик, демилгесиздик.

www.bizdin.kg

**БЕЗЛИ'ЧНОСТЬ** *ж. см.* **безли́чие.**

**БЕЗЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. бөтөнчөлүгү жок, өзүнө таандык касиеттери жок, ээрчиме, демилгесиз; **безли́чный челове́к** демилгесиз киши; 2. *грам.* жаксыз; **безли́чное предложе́ние** жаксыз сүйлөм; **безли́чный глаго́л** жаксыз этиш.

**БЕЗЛОША'ДНИК** *м. уст.* атсыз дыйкан, аты жок дыйкан.

**БЕЗЛОША'ДНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* атсыз, аты жок; **безлоша́дный крестья́нин** атсыз дыйкан.

**БЕЗЛУ'ННЫЙ,** -ая, -ое айсыз, айы жок; **безлу́нная ночь** айсыз түн.

**БЕЗЛЮ'ДНЫЙ,** -ая, -ое элсиз, адамсыз; **безлю́дное ме́сто** элсиз жер.

**БЕЗЛЮ'ДЬЕ** *ср.* элсиздик, адамсыздык; ◇ **на безлю́дье** керектүү кишилердин жоктугунан.

**БЕЗМЕ'Н** *м.* безмен (*таразанын бир түрү*).

**БЕЗМЕ'РНО** *нареч.* чексиз; **он безме́рно сча́стлив** ал чексиз бактылуу.

**БЕЗМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое чексиз, чени жок, өлчөөсүз; **безме́рная ра́дость** чексиз кубаныч.

**БЕЗМО'ЗГЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* мээсиз, акылсыз.

**БЕЗМО'ЛВИЕ** *ср.* жымжырт.

**БЕЗМО'ЛВНЫЙ,** -ая, -ое унчукпас, жымжырт.

**БЕЗМО'ЛВСТВОВАТЬ** *несов.* үндөбөө, унчукпоо.

**БЕЗМОТО'РНЫЙ,** -ая, -ое моторсуз, мотору жок; **безмото́рный полёт** *ав.* моторсуз учуу (*планёрдо учуу*).

**БЕЗМЯТЕ'ЖНО** *нареч.* бейпил.

**БЕЗМЯТЕ'ЖНОСТЬ** *ж.* бейпилчилик.

**БЕЗМЯТЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое мемиреген, бейпил; **безмяте́жный сон** мемиреген уйку.

**БЕЗНАДЕ'ЖНО** *нареч. уст. см.* **безнадёжно.**

**БЕЗНАДЁЖНО** *нареч.* үмүт үзүлүп, үмүт үзүп.

**БЕЗНАДЕ'ЖНОСТЬ** *ж. уст. см.* **безнадёжность.**

**БЕЗНАДЁЖНОСТЬ** *ж.* үмүт жоктук, үмүтсүздүк, ишенимсиздик.

**БЕЗНАДЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое *уст. см.* **безнадёжный.**

**БЕЗНАДЁЖНЫЙ,** -ая, -ое үмүтсүз, үмүт үзүлгөн, үмүтү жок, ишеними жок, эч нерсе чыкпай турган; **безнадёжный больно́й** үмүт үзүлгөн оору, өлө турган оору.

**БЕЗНАДЗО'РНОСТЬ** *ж.* кароосуздук, көзөмөлсүздүк.

**БЕЗНАДЗО'РНЫЙ,** -ая, -ое кароосуз, көзөмөлсүз; **безнадзо́рный ребёнок** кароосуз бала.

**БЕЗНАКА'ЗАННО** *нареч.* жазасыз, жаза тартпай, жаза көрбөй, жазага тартылбай; **э́то не пройдёт безнака́занно** бул ушу бойдон жазасыз калбайт.

**БЕЗНАКА'ЗАННОСТЬ** *ж.* жазасыздык, жазаланбагандык.

**БЕЗНАКА'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое жазасыз, жазаланбаган.

**БЕЗНАЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **безнали́чный расчёт** *фин.* безналичный расчёт (*акчасын бир счётко которуп коюп сатып алуу*).

**БЕЗНАЧА'ЛИЕ** *ср.* башсыздык, чаржайыт, ээн баштык.

**БЕЗНО'ГИЙ,** -ая, -ое 1. бутсуз, аяксыз; 2. *в знач. сущ. м., ж.* бутсуз, аяксыз.

**БЕЗНО'СЫЙ,** -ая, -ое мурунсуз, бучук; ◇ **безно́сый ча́йник** чоргосуз чайнек.

**БЕЗНРА'ВСТВЕННО** *нареч.* моралсыз, бузук.

**БЕЗНРА'ВСТВЕННОСТЬ** *ж.* моралсыздык, бузуктук, бузукулук.

**БЕЗНРА'ВСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое моралсыз, бузук.

**БЕЗО** *предлог см.* **без.**

**БЕЗОБИ'ДНО** *нареч.* залалсыз, зыянсыз, коркунучсуз.

**БЕЗОБИ'ДНОСТЬ** *ж.* көңүл оорутпастык, залалсыздык, зыянсыздык, коркунучу жоктук.

**БЕЗОБИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*кроткий*) көңүл оорутпаган; **безоби́дный челове́к** көңүл оорутпаган киши; 2. (*безвредный*) зыян келтирбес, коркунучсуз; **безоби́дный зверёк** коркунучсуз (зыянсыз) айбан; ◇ **безоби́дная шу́тка** жөнөкөй калжың (*кулку үчүн гана болгон*).

**БЕЗО'БЛАЧНОСТЬ** *ж.* 1. булутсуздук; 2. *перен.* жайнагандык, жайдарылык.

**БЕЗО'БЛАЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. булутсуз, ачык; **безо́блачное не́бо** ачык асман; 2. *перен.* жайнаган, жадыраган; **безо́блачное сча́стье** жадыраган бакыт.

**БЕЗОБРА'ЗИЕ** *ср.* 1. (*уродство*) өңдүн суукутугу, түрдүн бузуктугу; 2. *разг.* (*бесчинство*) жарабас жаман кылык; **бо́льше э́тих безобра́зий не повторя́йте!** мындан ары бул жарабас жаман кылык кылынбасын!; ◇ **что за безобра́зие!** бул эмне деген оңбогондук!; **э́то безобра́зие!** бул жаман иш!; **како́е безобра́зие!** эмне деген оңбогон кылык!

**БЕЗОБРА'ЗИТЬ** *несов. кого-что* көрксүз кылуу, түрүн бузуу.

**БЕЗОБРА'ЗНИК** *м.* ээн баш, тентек.

**БЕЗОБРА'ЗНИЦА** *женск. р. к* **безобра́зник.**

**БЕЗОБРА'ЗНИЧАТЬ** *несов. разг.* ээн баштык кылуу, тентектик кылуу, жиндиленүү.

**БЕЗОБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*уродливый*) көрксүз, өңү суук, түрү бузук; 2. *разг.* (*возмутительный*) жарамсыз, болбогон, бузук.

**БЕЗОГОВО'РОЧНО** *нареч.* кыңк этпестен, унчукпастан, сөз кылбастан; **усло́вие бы́ло при́нято безогово́рочно** шарт кыңк этпестен кабыл алынды.

**БЕЗОГОВО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое кыңк этпей, сөзсүз, үнсүз; **безогово́рочное призна́ние** кыңк этпей (сөзсүз) моюнга алуу.

**БЕЗОПА'СНО** *нареч.* коопсуз, коркунучсуз.

**БЕЗОПА'СНОСТЬ** *ж.* коопсуздук, коркунучсуздук; **охра́на госуда́рственной безопа́сности** мамлекеттик коопсуздукту коргоо; **Сове́т Безопа́сности ООН** ООНдун Коопсуздук Совети.

**БЕЗОПА'СНЫЙ,** -ая, -ое коопсуз, коркунучсуз; **в безопа́сном ме́сте** коопсуз жайда; **безопа́сная бри́тва** коркунучсуз устара.

**БЕЗОРУ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. куралсыз, жабдыксыз; 2. *перен.* чабал, мажүрөө; **я оказа́лся безору́жным в э́том спо́ре** бул айтышта мен чабалдык кылдым, бул айтышта мен далил табалбай калдым.

**БЕЗОСНОВА'ТЕЛЬНО** *нареч.* негизсиз.

**БЕЗОСНОВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое негизсиз, негизи жок.

**БЕЗОСТАНО'ВОЧНО** *нареч.* токтоосуз, токтобой, аял кылбастан, тынымсыз, кидирбестен.

**БЕЗО'СТЫЙ,** -ая, -ое *бот.* кылкансыз (*мис. буудай*).

**БЕЗОТВЕ'ТНОСТЬ** *ж.* кыңк этпестик, унчукпай моюн сунгандык.

**БЕЗОТВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое кыңк этпеген, жоош, унчукпай моюн сунган; **он челове́к ти́хий, безотве́тный** ал унчукпаган, жоош киши.

**БЕЗОТВЕ'ТСТВЕННО** *нареч.* жоопсуздук менен.

**БЕЗОТВЕ'ТСТВЕННОСТЬ** *ж.* жоопсуздук, жоопкерчиликти сезбегендик.

**БЕЗОТВЕ'ТСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое жоопсуз, жоопкерчиликти көзүнө илбеген.

**БЕЗОТКА'ЗНО** *нареч.* отказсыз, отказ кылбай; бузулбай, баш тартуусуз, токтоосуз; **мото́р рабо́тает безотка́зно** мотор токтоосуз иштеп жатат.

**БЕЗОТКА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое отказсыз, отказ кылбай; бузулбай, баш тартуусуз, токтоосуз.

**БЕЗОТЛАГА'ТЕЛЬНО** *нареч.* кечиктирбей, кийинкиге калтырып койбой.

**БЕЗОТЛАГА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кечиктирилбей турган, кийинге калтырууга болбой турган.

**БЕЗОТЛУ'ЧНО** *нареч.* жылбастан, кетпестен, дайыма; **безотлу́чно находи́ться при больно́м** оорунун жанында жылбастан болуу.

www.bizdin.kg

**БЕЗОТНОСИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* карабастан; **безотноси́тельно к величине́ и ве́су** чоңдугуна жана салмагына карабастан.
**БЕЗОТРА'ДНО** *нареч.* көңүлсүз, кубанардык эч нерсеси жок.
**БЕЗОТРА'ДНОСТЬ** *ж.* көңүлсүздүк, кубанардык эместик.
**БЕЗОТРА'ДНЫЙ,** -ая, -ое көңүлсүз, кубанардык эмес.
**БЕЗОТРЫ'ВНО** *нареч.*: **безотры́вно от произво́дства** өндүрүштөн ажырабай, өндүрүштө иштеп жүрүп.
**БЕЗОТЧЁТНО** *нареч.* өзүнөн өзү, ойлонбостон.
**БЕЗОТЧЁТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*бессознательный*) акылдан тышкары, өзүнөн өзү; **я испы́тываю како́й-то безотчётный страх** менин жүрөгүм өзүнөн өзү кооп санап турат; 2. (*бескóнтрольный*) отчётсуз, эсеп-кысапсыз, контролсуз.
**БЕЗОШИ'БОЧНО** *нареч.* катасыз, жаңылышсыз, каталашпастан, жаза баспай.
**БЕЗОШИ'БОЧНОСТЬ** *ж.* катасыздык, жаңылышсыздык.
**БЕЗОШИ'БОЧНЫЙ,** -ая, -ое катасыз, жаңылышсыз; **безоши́бочный расчёт** катасыз расчёт.
**БЕЗ ПРО'СЫ'ПУ** *разг.* 1. ойгонбой; **спать без про́сыпу** ойгонбой уктоо; 2. *перен.* токтоосуз, дайыма; **пья́нствовать без про́сыпу** баш көтөрбөй ичүү.
**БЕЗРАБО'ТИЦА** *ж.* жумушсуздук.
**БЕЗРАБО'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. жумушсуз; 2. *в знач. сущ. м., ж.* жумушсуз.
**БЕЗРА'ДОСТНЫЙ,** -ая, -ое кубанычсыз, көңүлсүз.
**БЕЗ РАЗБО'РУ** *см.* **разбо́р.**
**БЕЗРАЗДЕ'ЛЬНО** *нареч.* бүт бойдон, бүпбүтүн; **владе́ть безразде́льно** *чем-л.* бүт бойдон ээлөө.
**БЕЗРАЗДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бөлүнбөс, бөлүнбөй турган, жеке, эч кимди шерик кылбаган; **безразде́льное иму́щество** *юр.* бөлүнбөй турган мүлк.
**БЕЗРАЗЛИ'ЧИЕ** *ср.* кош көңүлдүк, көңүл коштук; **безразли́чие ко всему́ окружа́ющему** бардык айланадагы нерсеге кош көңүлдүк кылуу.
**БЕЗРАЗЛИ'ЧНО** *нареч.* 1. (*всё равно*) баары бир, айырмасыз; **мне безразли́чно** мага баары бир; 2. (*безучастно*) кош көңүл, көңүл кош; **относи́ться безразли́чно** көңүл кош кароо.
**БЕЗРАЗЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое кош көңүл, көңүл кош; **проявля́ть безразли́чное отноше́ние** көңүл кош мамиле кылуу.
**БЕЗРАССУ'ДНО** *нареч.* акыл менен иштебөө, ойлонбостон.
**БЕЗРАССУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое акылга салбаган, акыл менен иштебеген, ойлобостон кылган; **безрассу́дный челове́к** акылга салып иштебеген киши; **безрассу́дный посту́пок** ойлобостон кылган иш.
**БЕЗРАССУ'ДСТВО** *ср.* акылсыздык, ойлонбостук, келесоолук, акыл менен ойлоп иштебегендик.
**БЕЗРЕЗУЛЬТА'ТНО** *нареч.* натыйжасыз, натыйжа чыкпай.
**БЕЗРЕЗУЛЬТА'ТНОСТЬ** *ж.* натыйжасыздык.
**БЕЗРЕЗУЛЬТА'ТНЫЙ,** -ая, -ое натыйжасыз, натыйжа чыкпаган.
**БЕЗРЕ'ЛЬСОВЫЙ,** -ая, -ое рельсасыз.
**БЕЗРО'ГИЙ,** -ая, -ое токол, мүйүзсүз; **безро́гая коро́ва** токол уй.
**БЕЗРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое тегин билбеген, тексиз, теги жок.
**БЕЗРО'ПОТНО** *нареч.* кыңк этпей, каяшасыз, унчукпай.
**БЕЗРО'ПОТНОСТЬ** *ж.* кыңк этпегендик, каяша айтпагандык, унчукпагандык.
**БЕЗРО'ПОТНЫЙ,** -ая, -ое кыңк этпеген, каяша айтпаган, унчукпаган; **безро́потное подчине́ние** кыңк этпеген баш ийүү.
**БЕЗРУКА'ВКА** *ж. разг.* күрмө, жеңсиз бешмант.
**БЕЗРУ'КИЙ,** -ая, -ое 1. колсуз, колу жок, чолок; 2. *перен.* колунан иш келбеген, чолок сыяктуу; 3. *в знач. сущ. м., ж.* чолок.
**БЕЗРЫ'БЬЕ** *ср.*: **на безры́бье и рак ры́ба** *посл.* өрдөк жокто чулдук бий.
**БЕ'З ТОЛКУ** *см.* **толк.**
**БЕЗУБЫ'ТОЧНО** *нареч.* зыянсыз.
**БЕЗУБЫ'ТОЧНОСТЬ** *ж.* зыянсыздык, зыян келтирбестик.
**БЕЗУБЫ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое зыянсыз, зыян тарттырбаган; **безубы́точное предприя́тие** зыян тарттырбаган ишкана.
**БЕЗУДА'РНЫЙ,** -ая, -ое *лингв.* басымсыз; **безуда́рный слог** басымсыз муун.
**БЕЗУ'ДЕРЖНО** *нареч.* токтоно албай, токтолбой.
**БЕЗУ'ДЕРЖНЫЙ,** -ая, -ое токтоно албаган, алкы ачылган, күүлөнгөн; **безу́держный поры́в** күүлөнгөн умтулуш.
**БЕЗ У'ДЕРЖУ** кармап токтоткус.
**БЕЗУКОРИ'ЗНЕННО** *нареч.* кемчилик жок, кынтыксыз, кыйкымсыз, айыбы жок; **рабо́та вы́полнена безукори́зненно** иш кенедей айыбы жок иштелген.
**БЕЗУКОРИ'ЗНЕННОСТЬ** *ж.* кемчиликсиздик, кынтыксыздык, кыйкымсыздык, айыбы жоктук.
**БЕЗУКОРИ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое кемчиликсиз, кемтиксиз, кынтыксыз, кыйкымсыз, айыбы жок; **безукори́зненная рабо́та** кемчилиги жок жумуш.
**БЕЗУ'МЕЦ** *м.* 1. *уст.* (*сумасшедший*) жинди (*жин оорусу бар*); 2. (*безрассудный человек*) алаңгазар.
**БЕЗУ'МИЕ** *ср.* 1. *уст.* (*сумасшествие*) жиндилик; 2. (*безрассудство*) алаңгазардык.
**БЕЗУ'МНО** *нареч.* 1. (*безрассудно*) алаңгазардык менен; **он поступи́л безу́мно** ал алаңгазардык кылган; 2. *разг.* (*очень*) укмуштуу, өтө, эң, катуу, аябай; **безу́мно хо́лодно** өтө суук; **безу́мно боли́т** катуу ооруп жатат.
**БЕЗУ'МНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*безрассудный*) алаңгазар; 2. *в знач. сущ. м., ж.*, *уст.* (*сумасшедший*) жинди; 3. *разг.* укмуштуу, өтө, эң, аябай; **безу́мная уста́лость** өтө чарчагандык, аябай чарчагандык.
**БЕЗ У'МОЛКУ** токтоосуз, тынбастан, үздүксүз; **болта́ть без у́молку** токтоосуз келжирөө.
**БЕЗУМО'ЛЧНЫЙ,** -ая, -ое *поэт.* тынбаган, токтолбогон, тынымсыз; **безумо́лчный шум мо́ря** деңиздин тынымсыз шарпылдашы.
**БЕЗУ'МСТВО** *ср.* 1. *см.* **безу́мие;** 2. *перен.* алаңгазардык, келесоолук.
**БЕЗУ'МСТВОВАТЬ** *несов.* акылсыздык кылуу, келесоолук кылуу.
**БЕЗУПРЕ'ЧНО** *нареч.* кемчиликсиз, кемтиксиз, кенедей айыбы жок, мизилдетип; **безупре́чно вести́ себя́** өзүн сонун алып жүрүү.
**БЕЗУПРЕ'ЧНОСТЬ** *ж.* кемчиликсиздик, кемтиксиздик, кылган ишинде (жүрүшүндө) айыбы жоктук.
**БЕЗУПРЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое кемчиликсиз, кемтиксиз, кылган ишинде (жүрүшүндө) айыбы жок.
**БЕЗУСЛО'ВНО** 1. *нареч.* сөзсүз, шексиз; **безусло́вно че́стный челове́к** сөзсүз ак ниет киши; **э́ти недочёты безусло́вно испра́вимы** бул кемчиликтер сөзсүз түзөтүлө турган нерсе; 2. *в знач. вводн. сл.* албетте, шексиз.
**БЕЗУСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое сөзсүз, шексиз, анык; **безусло́вное доказа́тельство** шексиз далил; ◇ **безусло́вный рефле́кс** *физиол.* шартсыз рефлекс (*тубаса рефлекс*).
**БЕЗУСПЕ'ШНО** *нареч.* ийгиликсиз, натыйжасыз, курулай, бекер.
**БЕЗУСПЕ'ШНОСТЬ** *ж.* ийгиликсиздик, натыйжасыздык.
**БЕЗУСПЕ'ШНЫЙ,** -ая, -ое ийгиликсиз, натыйжасыз, курулай, бекер.
**БЕЗ У'СТАЛИ** талыкпастан, чарчабастан, талыкпай; **без уста́ли труди́ться** талыкпай эмгек кылуу.

www.bizdin.kg

**БЕЛЬЁ** *ср.* ич кийим (*нижняя одежда*); кир (*для стирки*); стира́ть бельё кир жууш; **посте́льное бельё** шейшеп, жаздык тыш *ж. б.*; **столо́вое бельё** дасторкон, суулук, майлык *ж. б.*

**БЕЛЬЕВО'Й,** -а́я, -о́е **бельё**-*ге т.*; **бельево́й шкаф** ич кийим шкафы; **бельево́й магази́н** ич кийим магазини.

**БЕЛЬМО'** *ср.* чел, ак (*көзгө түшкөн ак; ак түшкөн көз*).

**БЕЛЬЭТА'Ж** *м.* бельэтаж (1. *үйдүн экинчи кабаты*; 2. *театрда партердин үстүндөгү биринчи ярус*).

**БЕЛЯ'К** *м.* ак коён.

**БЕМО'ЛЬ** *м. муз.* бемоль (*нотаны жарым тон басаңдата турган белги*).

**БЕНГА'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **Бенгалия**-*га т.*; **бенга́льский тигр** Бенгалия жолборсу; ◇ **бенга́льский ого́нь** бенгал оту (*түрдүү түстө жаркылдап күймө*).

**БЕНЕФИ'С** *м. театр. уст.* бенефис (*артисттин же театр кызматчысынын пайдасына коюлган оюн*); **устро́ить бенефи́с** *кому-л.* 1) бенефис уюштуруу; 2) *перен. разг.* чатак кылуу.

**БЕНЗИ'Н** *м.* бензин.

**БЕНЗИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **бензин**-*ге т.*; **бензи́новая коло́нка** бензин колонкасы.

**БЕНЗОБА'К** *м.* бензин багы, бензин куюла турган бак.

**БЕНЗОЗАПРА'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **бензозапра́вочная коло́нка** *см.* **бензоколо́нка.**

**БЕНЗОКОЛО'НКА** *ж.* бензоколонка (*автомашинага бензин куюлуучу колонка*).

**БЕНЗО'Л** *м. хим.* бензол (*таш көмүр чайырынан, смоласынан чыга турган күйүүчү суюктук*).

**БЕНЗОХРАНИ'ЛИЩЕ** *ср.* бензин сакталгыч.

**БЕНУА'Р** *м.* бенуар (*театрда партер менен бирдей ложа*).

**БЕРГАМО'Т** *м.* бергамот (*алмуруттун бир сорту*).

**БЕРДА'НКА** *ж.* бардеңке (*мылтык*).

**БЁРДО** *ср. текст.* бёрдо (*эриштин жибин түздөөчү тарак*).

**БЕРДЫ'Ш** *м. ист.* айбалта (*байыркы согуш куралы*).

**БЕ'РЕГ** *м.* жээк, кашат, кылаа; **на́ берег** жээкке; **на берегу́ реки́** өзөндүн боюнда; **бе́рег мо́ря** деңиздин жээги; **бе́рег о́зера** көлдүн кылаасы; **идти́ бе́регом** кылаалоо.

**БЕРЕГОВО'Й,** -а́я, -о́е **берег**-*ге т.*; жээктик, жээктеги, кашаттагы, кылаадагы; **берегова́я оборо́на** жээктеги (кашаттагы) коргоо.

**БЕРЕДИ'ТЬ** *несов. что* ырбатуу, оорутуу, чукуу; **береди́ть ра́ну** 1) жараны оорутуу, жараны чукуп оорутуу; 2) *перен.* жарасына тийүү, эски кайгыны козгоо.

**БЕРЕЖЁНЫЙ,** -ая, -ое үнөмдөлгөн, сакталган; ◇ **бережёная копе́йка рубль бережёт** *посл.* дүнүйө бир тыйындан курулат (жыйылат).

**БЕРЕЖЛИ'ВО** *нареч.* үнөмдүк менен, тыкандык менен.

**БЕРЕЖЛИ'ВОСТЬ** *ж.* үнөмдүүлүк, тыкандык.

**БЕРЕЖЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое үнөмчүл, тыкан; **бережли́вый челове́к** үнөмчүл киши.

**БЕ'РЕЖНО** *нареч.* абайлап, абайлык менен, этияттык менен, кылдаттык менен, ыкылас менен.

**БЕ'РЕЖНОСТЬ** *ж.* абайлоочулук, этияттуулук, кылдаттык, сактык.

**БЕ'РЕЖНЫЙ,** -ая, -ое абайлаган, абай кылган, этияттуу, кылдат, ыкыластуу; **бе́режное обраще́ние с прибо́рами** приборлорду этияттык менен урунуу; **бе́режное отноше́ние к лю́дям** кишилерге кылдаттык менен мамиле кылуу.

**БЕРЁЗА** *ж.* кайың.

**БЕРЕЗНЯ'К** *м.* жаш кайың токой.

**БЕРЁЗОВИК** *м.* берёзовик (*козу карындын бир түрү*).

**БЕРЁЗОВЫЙ,** -ая, -ое **берёза**-*га т.*; кайыңдуу; **берёзовый лес** кайыңдуу токой; **берёзовый стол** кайың үстөл.

**БЕРЕ'ЙТОР** *м.* 1. (*объездчик*) зайыпкер; 2. (*учитель верховой езды*) атка жүрүүнү үйрөтүүчү зайыпкер.

**БЕРЕ'МЕНЕТЬ** *несов.* боозуу, боюна бүтүү.

**БЕРЕ'МЕННАЯ** *прил. и в знач. сущ. ж.* бооз, боюнда бар, жүктүү.

**БЕРЕ'МЕННОСТЬ** *ж.* бооздук, боюнда бардык, жүктүүлүк.

**БЕРЁСТА** *ж.* берёста (*кайың кабыгынын жука кабаты*).

**БЕРЕСТЯНО'Й,** -а́я, -о́е **берёста**-*га т.*; **берестяны́е изде́лия** берёста буюмдар.

**БЕРЕ'Т** *м.* берет (*баш кийимдин бир түрү*).

**БЕРЕ'ЧЬ** *несов.* 1. *что* (*сохранять*) сактоо; **бере́чь наро́дное добро́** элдик мүлктү сактоо; 2. *что* (*не разглашать*) сак болуу, айтпоо, жашыруу; **бере́чь та́йну** сыр сактоо, сыр алдырбоо; 3. *что* (*экономить*) үнөмдөө; **бере́чь ка́ждую копе́йку** ар бир тыйынды үнөмдөө; 4. *кого-что* (*охранять, оберегать*) коргоо, коруу, сактоо, коргоп калуу, сактап калуу; **бере́чь как зени́цу о́ка** көздүн карегиндей сактоо; **бере́чь ребёнка от просту́ды** баланы суук тийүүдөн коргоо (сактоо); 5. *кого-что* (*щадить*) аёо, сактоо, кызгануу; **бере́чь здоро́вье** ден соолукту сактоо; **бере́чь си́лы** күчтү аёо.

**БЕРЕ'ЧЬСЯ** *несов. кого-чего и с неопр.* сактануу, сак болуу, абайлоо, коргонуу, коргонуп аман калуу, сактанып аман калуу; **бере́чься просту́ды** суук тийүүдөн сактануу; **береги́тесь пить сыру́ю во́ду** кайнабаган сууну ичүүдөн сактангыла; **береги́сь!** сак бол!, абайла!

**БЕРИ'ЛЛ** *м. мин.* берилл (*асыл таштын бир түрү*).

**БЕ'РКУТ** *м.* бүркүт.

**БЕРЛО'ГА** *ж.* аюу үңкүрү.

**БЕРТОЛЕ'ТОВ,** -а, -о: **бертоле́това соль** *хим.* бертолет тузу (*дары жана жарылгыч зат катарында колдонулуучу туз*).

**беру́, берёшь** *наст. вр. от* **брать.**

**беру́сь, берёшься** *наст. вр. от* **бра́ться.**

**БЕРЦО'ВЫЙ,** -ая, -ое *анат.*: **больша́я берцо́вая кость** чоң жото жилик; **ма́лая берцо́вая кость** кичи жото жилик.

**БЕС** *м.* жин, шайтан; ◇ **рассыпа́ться ме́лким бе́сом** өтө жасакерденип сүйлөө, кошамат кылуу.

**БЕС-** *приставка; бул каткалаң тыбыштардын алдында «без-»дин ордуна колдонулат; мис.*: **бесполе́зный** пайдасыз; **бессо́вестный** уятсыз.

**БЕСЕ'ДА** *ж.* 1. (*разговор*) сүйлөшүү; **вести́ оживлённую бесе́ду** кызуу сүйлөшүү; 2. аңгеме, маек; **бесе́да о жи́зни и тво́рчестве Го́рького** Горькийдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө аңгеме.

**БЕСЕ'ДКА** *ж.* беседка (*бактын, короонун ичиндеги эс алуу үчүн арналган чатырча*).

**БЕСЕ'ДОВАТЬ** *несов. с кем* аңгемелешүү, маектешүү, сүйлөшүү.

**БЕСЁНОК** *м.* (*мн.* **бесеня́та**) 1. *уменьш. от* **бес** жин, шайтан; 2. *перен.* (*шалун*) тынчы жок жана тынбаган (*мис. бала*).

**БЕСИ'ТЬ** *несов. кого, разг.* кыжырын кайнатуу, жинин келтирүү.

**БЕСИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*о животных*) кутуруу, кутуруп кетүү; 2. *разг.* (*раздражаться*) кыжыры кайноо, жини кайноо.

**БЕСКЛА'ССОВЫЙ,** -ая, -ое тапсыз; **бескла́ссовое коммунисти́ческое о́бщество** тапсыз коммунисттик коом.

**БЕСКОЗЫ'РКА** *ж.* козырёгу жок шапка.

**БЕСКОНЕ'ЧНО** *нареч.* учу-кыйры жок, чексиз.

**БЕСКОНЕ'ЧНОСТЬ** *ж. мат.* учу-кыйры жоктук, чексиздик; ◇ **до бесконе́чности** тегеле түгөнбөй.

**БЕСКОНЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*беспредельный*) учу-кыйры жок, чексиз; **бесконе́чное простра́нство** чексиз мейкиндик; **бесконе́чная дробь** *мат.* чексиз бөлчөк; 2. *перен.* (*долгий, не прекращающийся*) учсуз, түгөнбөс; **бесконе́чная доро́га** учсуз жол; **бесконе́чный спор** түгөнбөс талаш.

www.bizdin.kg

**БЕСКОНТРО'ЛЬНО** *нареч.* контролсуз, контроль кылынбастан.

**БЕСКОНТРО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое контролсуз, контроль кылынбаган.

**БЕСКО'РМИЦА** *ж.* жут; жем-чөпсүздүк, тоютсуздук, тоюту жоктук.

**БЕСКОРЫ'СТИЕ** *ср.* керт башынын камын ойлобоочулук, пайдага чаппоочулук.

**БЕСКОРЫ'СТНО** *нареч.* керт башынын камын ойлобостон, өз пайдасын көрбөстөн, чын дили менен, арам ою жок; **бескоры́стно помога́ть** чын дили менен жардам кылуу.

**БЕСКОРЫ'СТНОСТЬ** *ж. см.* **бескоры́стие.**

**БЕСКОРЫ'СТНЫЙ,** -ая, -ое керт башынын камын ойлобогон, пайдага чаппаган, арам ою жок, чын дили менен болгон; **бескоры́стная бра́тская по́мощь** чын дили менен болгон бир тууғандык жардам.

**БЕСКО'СТНЫЙ,** -ая, -ое сөөксүз, сөөгү жок.

**БЕСКРА'ЙНИЙ,** -яя, -ее чексиз, учу-кыйры жок.

**БЕСКРИ'ЗИСНЫЙ,** -ая, -ое кризиссиз, кризиске учурабаган; **бескри́зисная социалисти́ческая эконо́мика** кризиссиз (кризиске учурабаган) социалисттик экономика.

**БЕСКРО'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*бледный*) кан-сөлү жок, кансыз, купкуу, каны качкан; **бескро́вные гу́бы** каны качкан эриндер; 2. (*без кровопролития*) кан төгүлбөгөн, кансыз, өлүмсүз; **бескро́вная побе́да** кан төгүлбөгөн жеңиш.

**БЕСКРЫ'ЛЫЙ,** -ая, -ое 1. канатсыз, канаты жок; 2. *перен.* чыгармачылык күчү жок, чыгармачылык таланты жок.

**БЕСКУЛЬТУ'РЬЕ** *ср.* маданиятсыздык.

**БЕСНОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое *уст.* жинди.

**БЕСНОВА'ТЬСЯ** *несов.* (*неистовствовать*) жиндилеңүү, жаалдануу, туткактануу.

**БЕСПА'ЛЫЙ,** -ая, -ое манжасы жок, бармагы жок, бармагы кем.

**БЕСПА'МЯТНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* унутчаак.

**БЕСПА'МЯТСТВО** *ср.* эс-учун билбей калуу, эс оош, талуу; **больно́й впал в беспа́мятство** оору кишинин эси ооп калды.

**БЕСПАРДО'ННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* калжактаган, уят-сыйытты билбеген.

**БЕСПАРТИ'ЙНОСТЬ** *ж.* партияда жоктук, партиясыздык.

**БЕСПАРТИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое 1. партияда жок; 2. *в знач. сущ. м., ж.* партияда жок киши.

**БЕСПА'СПОРТНЫЙ,** -ая, -ое паспортсуз, паспорту жок.

**БЕСПАТЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое патентсиз, патенти жок.

**БЕСПЕРЕБО'ЙНО** *нареч.* үзгүлтүксүз, үзүлбөстөн.

**БЕСПЕРЕБО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое үзгүлтүксүз; **беспербо́йное снабже́ние** үзгүлтүксүз жабдуу.

**БЕСПЕРЕСА'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое *ж.-д.* пересадкасыз, которулуп түшпөс, которулуп минбес; **беспереса́дочное сообще́ние** пересадкасыз катташ.

**БЕСПЕРСПЕКТИ'ВНОСТЬ** *ж.* перспективасыздык, келечеги жоктук.

**БЕСПЕРСПЕКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое перспективасыз, келечексиз.

**БЕСПЕ'ЧНО** *нареч.* бейгам, шалакы, камырабай, камылгасыз.

**БЕСПЕ'ЧНОСТЬ** *ж.* бейгамдык, шалакылык, камырабастык, камылгасыздык.

**БЕСПЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое бейгам, шалакы, камырабаган, камылгасыз.

**БЕСПИ'СЬМЕННЫЙ,** -ая, -ое жазуусуз, өз алфавити жана жазуусу болбогон; **беспи́сьменный язы́к** жазуусуз тил, алфавити жок тил.

**БЕСПЛА'НОВОСТЬ** *ж.* плансыздык.

**БЕСПЛА'НОВЫЙ,** -ая, -ое плансыз, планы жок.

**БЕСПЛА'ТНО** *нареч.* бекер, акысыз.

**БЕСПЛА'ТНОСТЬ** *ж.* бекердик, акысыздык, акы төлөбөстүк; **беспла́тность обуче́ния** окуунун акысыздыгы.

**БЕСПЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое бекер, акысыз; **беспла́тный биле́т** бекер билет.

**БЕСПЛАЦКА'РТНЫЙ,** -ая, -ое плацкартсыз, плацкартасы жок; **бесплацка́ртный ваго́н** плацкартасы жок вагон.

**БЕСПЛО'ДИЕ** *ср.* 1. (*неспособность к деторождению*) төрөбөстүк, туубастык; туудурбастык; 2. (*о почве*) түшүмсүздүк, асылсыздык.

**БЕСПЛО'ДНОСТЬ** *ж.* (*безуспешность*) натыйжасыздык, өнүмсүздүк, берекесиздик.

**БЕСПЛО'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неспособный к деторождению*) төрөбөс, туубас; туудурбас; 2. (*не дающий плодов, неплодородный*) түшүм бербеген, жемиш бербеген; **беспло́дная земля́** түшүм бербеген жер; **беспло́дное де́рево** жемиш бербеген жыгач; 3. (*напрасный*) натыйжасыз, өнүмсүз, берекесиз; **беспло́дные уси́лия** натыйжасыз аракет.

**БЕСПЛО'ТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* денесиз, денеси жок.

**БЕСПОВОРО'ТНО** *нареч.* айныбас болуп, кайтпас болуп; **оконча́тельно и бесповоро́тно** биротоло жана кайрылбас болуп.

**БЕСПОВОРО'ТНЫЙ,** -ая, -ое айныбас, кайтпас, биротоло; **бесповоро́тное реше́ние** айныбас чечим.

**БЕСПОДО'БНЫЙ,** -ая, -ое теңдеши жок, сонун, укмуштуу.

**БЕСПОЗВОНО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *зоол.* омурткасыз, аркасыз; **беспозвоно́чные живо́тные** омурткасыз жаныбарлар.

**БЕСПОКО'ИТЬ** *несов. кого-что* 1. (*нарушать покой*) тынчын кетирүү, беймаза кылуу (*надоедать*); убара кылуу (*утруждать*); 2. (*причинять боль*) оорутуу, ачыштыруу; 3. (*волновать*) тынчсыздандыруу, тынчын кетирүү; **её отсу́тствие беспоко́ит нас** анын жоктугу бизди тынчсыздандырып турат.

**БЕСПОКО'ИТЬСЯ** *несов.* 1. *о ком-чём* (*тревожиться*) тынчсыздануу, тынчы кетүү, чочуу, чочулоо; **я беспоко́юсь, как бы с ним в доро́ге чего́ не случи́лось** ага жолдо бир неме болду го деп, чочуп жатам; 2. (*затруднять себя*) убаралануу, убара болуу; **не беспоко́йтесь, я сам понесу́** убара болбоңуз, өзүм эле көтөрүп барам.

**БЕСПОКО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*тревожный*) тынчы жок, тынчы кеткен; **беспоко́йный сон** тынчы жок уйку; 2. (*причиняющий беспокойство*) кишинин тынчын алган, тынчты кетирген; **беспоко́йный больно́й** тынчты кетирген оору киши.

**БЕСПОКО'ЙСТВО** *ср.* 1. (*тревожное состояние*) чочуу, чочулоо, тынчсыздануу; **мно́ю овладе́ло беспоко́йство** мен чочулай баштадым; 2. (*нарушение покоя*) убара кылуу, убара болуу; **я вам причини́л беспоко́йство** мен сизди убара кылдым.

**БЕСПОЛЕ'ЗНО** *нареч.* пайдасыз, натыйжасыз.

**БЕСПОЛЕ'ЗНОСТЬ** *ж.* пайдасыздык, пайдасы жоктук, натыйжасыздык.

**БЕСПОЛЕ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое пайдасыз, пайдасы жок, натыйжасыз.

**БЕСПО'ЛЫЙ,** -ая, -ое жыныссыз, полсуз (*жыныстык мүчө белгилери жок*); **бесло́лое размноже́ние** *биол.* жыныссыз көбөйүш.

**БЕСПОМЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* поместьеси жок, коруган жери жок; **беспоме́стный дворяни́н** поместьеси жок дворянин.

**БЕСПО'МОЩНОСТЬ** *ж.* 1. (*бессилие*) бейкаруулук, алсыздык; 2. *перен.* татыксыздык, мазасыздык.

**БЕСПО'МОЩНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*бессильный*) начар, алсыз; 2. *перен.* татыгы жок, мазасыз; **беспо́мощные стихи́** татыгы жок ырлар.

www.bizdin.kg

**БЕСПОРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* жакшы иштелген, кемчилиги жок, айыбы жок; сонун; **беспоро́чная слу́жба** айыбы жок кызмат.

**БЕСПОРЯ'ДКИ** *мн. см.* **беспоря́док** 2.

**БЕСПОРЯ'ДОК** *м.* 1. тартипсиз, баш аламан, иретсиз; **враг в беспоря́дке бежа́л** душман иретсиз качты; 2. **беспоря́дки** *мн. уст.* (*народные волнения*) массалык дүрбөлөң.

**БЕСПОРЯ'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое тартипсиз, тартиби жок, иретсиз, баш аламан.

**БЕСПОСА'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое *ав.* посадкасыз, конбогон; **беспоса́дочный полёт Ташке́нт — Москва́** Ташкенттен Москвага посадкасыз учуу.

**БЕСПО'ЧВЕННОСТЬ** *ж.* негизсиздик, жөнү жоктук; **беспо́чвенность обвине́ния** айыптоонун негизсиздиги.

**БЕСПО'ЧВЕННЫЙ,** -ая, -ое негизсиз, жөнү жок; **беспо́чвенные разгово́ры** негизсиз сөздөр.

**БЕСПО'ШЛИННЫЙ,** -ая, -ое бажысыз, бажы төлөнбөс, пошлинасыз.

**БЕСПОЩА'ДНО** *нареч.* катаалдык менен, ырайымсыздык менен, аябастан, аябай, аёосуздук менен.

**БЕСПОЩА'ДНОСТЬ** *ж.* катаалдык, ырайымсыздык, аёосуздук.

**БЕСПОЩА'ДНЫЙ,** -ая, -ое катаал, ырайымсыз, аёосуз.

**БЕСПРА'ВИЕ** *ср.* 1. (*бесправность*) укуксуздук, укугу жоктук; 2. (*беззаконие*) законсуздук.

**БЕСПРА'ВНЫЙ,** -ая, -ое укуксуз, укугу жок.

**БЕСПРЕДЕ'ЛЬНО** *нареч.* чексиз.

**БЕСПРЕДЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* чексиздик, чеги жоктук, учу-кыйры жоктук.

**БЕСПРЕДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое чексиз, чеги жок, учу-кыйры жок; **беспреде́льная отва́га** чексиз баатырдык.

**БЕСПРЕДМЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое курулай; **тео́рия без пра́ктики беспредме́тна** тажрыйбасыз теория — курулай сөз; **беспредме́тный спор** курулай талаш.

**БЕСПРЕКОСЛО'ВНО** *нареч.* кыңк этпестен, каяша айтпастан, унчукпастан.

**БЕСПРЕКОСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое кыңк этпей, каяшасыз, унчукпаган; **беспрекосло́вное повинове́ние** кыңк этпей багынуу.

**БЕСПРЕПЯ'ТСТВЕННО** *нареч.* тоскоолсуз, кедергисиз.

**БЕСПРЕРЫ'ВНО** *нареч.* токтоосуз, үзгүлтүксүз, тынымсыз, токтобой.

**БЕСПРЕРЫ'ВНОСТЬ** *ж.* токтоосуздук, үзгүлтүксүздүк, тынымсыздык.

**БЕСПРЕРЫ'ВНЫЙ,** -ая, -ое токтоосуз, үзгүлтүксүз, тынымсыз; **беспреры́вный дождь** тынымсыз жамгыр; **беспреры́вный рост** токтоосуз өсүш.

**БЕСПРЕСТА'ННО** *нареч.* дайым, үстү-үстүнө, токтоосуз, тынымсыз.

**БЕСПРЕСТА'ННЫЙ,** -ая, -ое дайым, улам-улам, кайта-кайта, үстү-үстүнө, токтоосуз, тынымсыз.

**БЕСПРЕЦЕДЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое мурун болуп көрбөгөн; **беспрецеде́нтный факт** мурун болуп көрбөгөн факт.

**БЕСПРИ'БЫЛЬНЫЙ,** -ая, -ое пайдасыз, пайда бербей турган, пайда келтирбес.

**БЕСПРИДА'ННИЦА** *ж. уст.* сепсиз кыз.

**БЕСПРИЗО'РНИК** *м.* тарбиясыз бала, багуусуз бала.

**БЕСПРИЗО'РНИЦА** *женск. р. к* **беспризо́рник.**

**БЕСПРИЗО'РНОСТЬ** *ж.* багуусуздук (*балдардын багуусуз калгандыгы*).

**БЕСПРИЗО'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. багуусуз; **беспризо́рные де́ти** багуусуз балдар; 2. *в знач. сущ. м.* багуусуз; 3. *перен.* кароосуз; **беспризо́рное хозя́йство** кароосуз чарба.

**БЕСПРИМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое теңдеши жок; чектен тыш; **бесприме́рная хра́брость** теңдеши жок баатырдык.

**БЕСПРИНЦИ'ПНОСТЬ** *ж.* принципсиздик (1. *бети жоктук, уят-сыйытка карабагандык*; 2. *туруктуу көз карашы жоктук, туруксуздук*).

**БЕСПРИНЦИ'ПНЫЙ,** -ая, -ое принципсиз.

**БЕСПРИСТРА'СТИЕ** *ср.* калыстык, эч кимге жан тартпастык, адилеттик, бейтараптык.

**БЕСПРИСТРА'СТНО** *нареч.* калыс, эч кимге жан тартпастан, адилеттик менен.

**БЕСПРИСТРА'СТНОСТЬ** *ж. см.* **беспристра́стие.**

**БЕСПРИСТРА'СТНЫЙ,** -ая, -ое калыс, эч кимге жан тартпаган, адилеттүү.

**БЕСПРИЧИ'ННО** *нареч.* себепсиз.

**БЕСПРИЧИ'ННЫЙ,** -ая, -ое себепсиз, себеби жок, жөнү жок, курулай.

**БЕСПРИЮ'ТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* үй-жайы жок, туракcыз; **бесприю́тный стра́нник** үй-жайы жок мусапыр.

**БЕСПРОБУ'ДНО** *нареч.* ойгонбой.

**БЕСПРОБУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое ойгонбос, ойгонбой турган, катуу; **беспробу́дный сон** ойгонбой турган уйку; ◇ **беспробу́дное пья́нство** тыйылбас аракечтик.

**БЕСПРО'ВОЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое сымсыз, сымы жок; **беспро́волочный телегра́ф** сымсыз телеграф.

**БЕСПРО'ИГРЫШНЫЙ,** -ая, -ое утпай койбос, утпай койбой турган; **беспро́игрышный заём** утпай койбос заем; **беспро́игрышное де́ло** *перен.* оңуштуу иш.

**БЕСПРОСВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. шооласыз, жарыксыз; **беспросве́тная тьма** шооласыз караңгы; 2. *перен.* жаман, жыргалсыз, көңүлсүз, күмүрөй; **беспросве́тная жизнь** күмүрөй турмуш.

**БЕСПРОЦЕ'НТНО-ВЫ'ИГРЫШНЫЙ,** -ая, -ое процентсиз-утуштуу.

**БЕСПРОЦЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое процентсиз, процент бербес; **беспроце́нтный заём** процентсиз заём.

**БЕСПУ'ТНИК** *м.* бузуку.

**БЕСПУ'ТНИЧАТЬ** *несов. разг.* бузукулук кылуу, жаман жолго түшүү.

**БЕСПУ'ТНЫЙ,** -ая, -ое бузук, бузулган; **беспу́тный челове́к** бузук киши; **он ведёт беспу́тную жизнь** анын жүрүш-турушу бузук.

**БЕСПУ'ТСТВО** *ср.* бузуктук, бузулгандык.

**БЕССВЯ'ЗНО** *нареч.* байланышы жок.

**БЕССВЯ'ЗНОСТЬ** *ж.* байланыш жоктук, байланышсыздык; **бессвя́зность ре́чи** сөздүн байланышынын жоктугу.

**БЕССВЯ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое байланышсыз, байланышы жок.

**БЕССЕМЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое бүлөсүз, бүлөсү жок, бүлө күтпөгөн.

**БЕССЕМЕРОВА'НИЕ** *ср. тех.* бессемердөө (*болоттун бессемер деген сортун чыгаруу үчүн эриген чоюнду аба менен үйлөтүү*).

**БЕССЕМЕ'РОВСКИЙ,** -ая, -ое *тех.* бессемердик; **бессеме́ровская сталь** бессемердик болот.

**БЕССЕМЯ'ННЫЙ,** -ая, -ое *бот.* уруксуз, данексиз.

**БЕССЕРДЕ'ЧИЕ** *ср.* таш боордук, ырайымсыздык.

**БЕССЕРДЕ'ЧНО** *нареч.* таш боордук менен, ырайымсыздык менен.

**БЕССЕРДЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое таш боор, ырайымсыз.

**БЕССИ'ЛИЕ** *ср.* 1. (*физическая слабость*) күчсүздүк, начардык, кубатсыздык, араң жандык, дармансыздык, алсыздык; 2. *перен.* начардык, боштук, дармансыздык, алсыздык; **прояви́ть по́лное бесси́лие** *в чём-л.* *бир нерсени* иштөөдө өтө эле начардык кылуу; **созна́ться в со́бственном бесси́лии** өзүнүн начардыгын мойнуна алуу.

**БЕССИ'ЛЬНО** *нареч.* алсызданып, дармансыз болуп; **он бесси́льно опусти́л ру́ки** (*эмне кыларын билбей*) эки колун шалдайтып туруп калды.

**БЕССИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. күчсүз, начар, кубатсыз, араң жан, дармансыз, алсыз; 2. *перен.* начар, бош, дармансыз, алсыз.

www.bizdin.kg

**БЕССИСТЕ'МНО** *нареч.* системасыз, чаржайыт, баш аламан.

**БЕССИСТЕ'МНОСТЬ** *ж.* системасыздык, чаржайыттык, баш аламандык.

**БЕССИСТЕ'МНЫЙ,** -ая, -ое системасыз, чаржайыт, баш аламан.

**БЕССЛА'ВИЕ** *ср.* кадырсыздык, жаман атка конуучулук, даңкты жоготуучулук.

**БЕССЛА'ВНО** *нареч.* кадыры кетип, жаман атты болуп.

**БЕССЛА'ВНЫЙ,** -ая, -ое кадырсыз, жаман атка калган.

**БЕССЛЕ'ДНО** *нареч.* изсиз, дарексиз, дайынсыз, калуусуз, такыр; **болéзнь прошлá бесслéдно** оору калуусуз айыкты.

**БЕССЛЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое изи жок, дарексиз, дареги жок, дайынсыз, дайыны жок.

**БЕССЛОВЕ'СНЫЙ,** -ая, -ое **1.** тилсиз, сөзсүз, сүйлөбөс; **бессловéсное живóтное** тилсиз айбан; **2.** *перен.* (*молчаливый, безропотный*) сүйлөбөгөн, унчукпаган.

**БЕССМЕ'ННО** *нареч.* сменасыз, которулбай, алмашпай, үздүксүз түрдө.

**БЕССМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое сменасыз, которулбас, алмашуусуз, үздүксүз иштөөчү, туруктуу; **бессмéнный председáтель** которулбас председатель; **бессмéнное дежýрство** алмашуусуз дежурство.

**БЕССМЕ'РТИЕ** *ср.* **1.** өлбөстүк; **2.** *перен.* өлүп-өчпөстүк, түбөлүккө жашай тургандык, көпкө сактала тургандык, унутулгустук; **бессмéртие произведéний Пýшкина** Пушкиндин чыгармаларынын түбөлүккө жашай тургандыгы.

**БЕССМЕ'РТНИК** *м. бот.* солубас (*өсүмдүктүн бир түрү*).

**БЕССМЕ'РТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** өлбөс; **2.** *перен.* өлбөс-өчпөс, түбөлүккө сакталуучу, унутулгус; **бессмéртное дéло Лéнина** Лениндин өлбөс-өчпөс иши; **бессмéртная слáва** унутулгус даңк.

**БЕССМЫ'СЛЕННО** *нареч.* маанисиз, байланышы жок, сандырактап, делдейип, аңкайып; **бессмы́сленно смеяться** мааниси жок күлө берүү.

**БЕССМЫ'СЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*лишённый смысла*) маанисиз, байланышы жок, сандырактаган; **2.** (*выражающий отсутствие мысли*) делдейген, аңкайган; **бессмы́сленный взгляд** делдейген, аңкайган көз караш.

**БЕССМЫ'СЛИЦА** *ж.* сандырак, маанисиз сөз.

**БЕССНЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое карсыз, кары жок.

**БЕССО'ВЕСТНО** *нареч.* уятсыздык менен, уялбастан.

**БЕССО'ВЕСТНЫЙ,** -ая, -ое уятсыз, уяты жок, бетсиз, бети жок.

**БЕССОДЕРЖА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* мазмунсуздук, мазмуну жоктук.

**БЕССОДЕРЖА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое мазмунсуз, мазмуну жок.

**БЕССОЗНА'ТЕЛЬНО** *нареч.* ойлонбостон, ойлонбой, акылга салбай; **я э́то сдéлал бессознáтельно** мен муну акылга салбай иштеп салдым.

**БЕССОЗНА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*при потере сознáния*) эс-учу жок, эси ооган, талыган; **в бессознáтельном состоя́нии** *эси-учу жок калыбында;* **2.** (*непроизвольный*) *акылдан тыш, аңсыз;* **бессознáтельное движéние** андан тышкары кыймыл.

**БЕССО'ННИЦА** *ж.* уйкусуздук, уйку качуу.

**БЕССО'ННЫЙ,** -ая, -ое уйку качкан, уктабаган; **провести́ бессóнную ночь** уктабай таң атыруу.

**БЕССПО'РНО** **1.** *нареч.* талашсыз, чырсыз; **он бесспóрно хорóший человéк** талашсыз ал жакшы киши; **2.** *вводн. сл.* сөзсүз, шексиз; **бесспóрно, он прав** сөзсүз, анык туура.

**БЕССПО'РНОСТЬ** *ж.* талашсыздык.

**БЕССПО'РНЫЙ,** -ая, -ое талашсыз, чыр-чатаксыз.

**БЕССРЕ'БРЕНИК** *м.* акчага кызыкпаган, байлыкка кызыкпаган.

**БЕССРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое сроксуз, мөөнөтсүз, мөөнөт коюлбаган; **бессрóчный пáспорт** сроксуз паспорт.

**БЕССТРА'СТИЕ** *ср.* **1.** (*отсутствие чувственности*) кумарсыздык, кумарданбастык; **2.** (*спокойствие, невозмутимость*) күйкөлөктөнбөстүк, камаарабастык.

**БЕССТРА'СТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** кумарсыз, кумары жок, кумарданбас; **2.** (*спокойный, невозмутимый*) күйкөлөктөнбөс, камаарабас.

**БЕССТРА'ШИЕ** *ср.* эр жүрөктүүлүк, баатырдык, тайманбастык.

**БЕССТРА'ШНО** *нареч.* эр жүрөктүүлүк менен, калтаарыбай, коркпой, тайманбай.

**БЕССТРА'ШНЫЙ,** -ая, -ое эр жүрөктүү, кайраттуу, калтаарыбаган.

**БЕССТРУ'ННЫЙ,** -ая; -ое кылсыз, кылы жок (*мис. комуз*).

**БЕССТЫ'ДНИК** *м. разг.* уятсыз, уяты жок, бети жок, абийирсиз.

**БЕССТЫ'ДНИЦА** *женск. р. к* **бессты́дник.**

**БЕССТЫ'ДНЫЙ,** -ая, -ое уятсыз, уяты жок, бети жок, абийирсиз.

**БЕССТЫ'ДСТВО** *ср.* уятсыздык, уят жоктук, бети жоктук, абийирсиздик.

**БЕССТЫ'ЖИЙ,** -ая, -ее *прост.* уялбаган, уяты жок.

**БЕССЧЁТНЫЙ,** -ая, -ое эсепсиз, сансыз, чексиз.

**БЕСТА'КТНОСТЬ** *ж.* адепсиздик, оройлук.

**БЕСТА'КТНЫЙ,** -ая, -ое адепсиз, орой.

**БЕСТАЛА'ННЫЙ** I, -ая, -ое талантсыз, зээнсиз.

**БЕСТАЛА'ННЫЙ** II, -ая, -ое *фольк.* (*несчастный*) бакытсыз, таалайсыз.

**БЕСТЕЛЕ'СНЫЙ,** -ая, -ое денесиз, денеси жок.

**БЕ'СТИЯ** *ж. прост.* айлакер, кыйды, уятсыз, алдамчы.

**БЕСТОЛКО'ВО** *нареч.* келесоочо, аңкоочо, маңыроочо.

**БЕСТОЛКО'ВОСТЬ** *ж.* келесоолук, аңкоолук, маңыроолук.

**БЕСТОЛКО'ВЩИНА** *ж. разг.* былыктык, баш аламандык.

**БЕСТОЛКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*непонятливый*) келесоо, аңкоо, маңыроо; **2.** (*несвязный*) байланышсыз; **бестолкóвый расскáз** байланышсыз аңгеме.

**БЕ'СТОЛОЧЬ** *ж. разг. см.* **бестолкóвщина.**

**БЕСФО'РМЕННОСТЬ** *ж.* формасыздык, ачык формасы жоктук.

**БЕСФО'РМЕННЫЙ,** -ая, -ое формасыз, ачык формасы жок.

**БЕСХАРА'КТЕРНОСТЬ** *ж.* уяңдык, өтүмсүздүк, бош мүнөздүүлүк.

**БЕСХАРА'КТЕРНЫЙ,** -ая, -ое уяң, өтүмсүз, бош мүнөздүү; **бесхарáктерный человéк** өтүмсүз киши, уяң киши.

**БЕСХВО'СТЫЙ,** -ая, -ое куйруксуз, куйругу жок.

**БЕСХИ'ТРОСТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*о человеке*) куу эмес, митаамдыгы жок, кексе эмес; **2.** (*незатейливый*) кадыресе, жөнөкөй, жеңил; **бесхи́тростный расскáз** жеңил аңгеме.

**БЕСХО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое ээсиз, ээси жок, ээсиз ээн калган; **бесхóзное имýщество** *юр.* ээсиз мүлк.

**БЕСХОЗЯ'ЙСТВЕННО** *нареч.* кароосуз таштап коюп, көңүл кош, көңүл койбой, ээси жоктой; **бесхозя́йственно содержáть имýщество** *юр.* мүлктү ээси жоктой урунуу.

**БЕСХОЗЯ'ЙСТВЕННОСТЬ** *ж.* чарбасыздык, ээсиздик, чарба иштерине көңүл салбай салкын кароочулук, нерселерди төгүп-чачып жок кылуучулук.

**БЕСХОЗЯ'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое чарбасыз, чарба иштерине көңүл салбай салкын кароочу, нерселерди төгүп-чачып жок кылуучу.

www.bizdin.kg

**БЕСХРЕБЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* омбу-домбу, принципсиз.

**БЕСЦВЕТКО'ВЫЙ,** -ая, -ое *бот.* гүлсүз.

**БЕСЦВЕ'ТНОСТЬ** *ж.* (*невыразительность*) супсактык, мазасы жоктук, жөнөкөйлүк (*мис. ыр*).

**БЕСЦВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. түссүз, өңсүз, ыраңсыз, түсү жок; **бесцве́тный газ** түссүз газ; 2. *перен.* (*невыразительный*) супсак, мазасыз; **бесцве́тные стихи́** супсак ырлар.

**БЕСЦЕ'ЛЬНО** *нареч.* максатсыз, максаты жок, анчейин.

**БЕСЦЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* максатсыздык, максаты жоктук.

**БЕСЦЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое максатсыз, максаты жок.

**БЕСЦЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*очень дорогой*) өтө баалуу, абдан кымбат; 2. (*милый*) кадырдуу, ардактуу, кымбаттуу; **бесце́нный друг** кадырдуу дос; 3. *уст.* (*малоценный*) эч баасы жок, эч нерсеге жарабай турган.

**БЕСЦЕ'НОК: за бесце́нок** *разг.* эң арзан.

**БЕСЦЕРЕМО'ННО** *нареч.* уят-сыйытсыз, кенедей тартынбай.

**БЕСЦЕРЕМО'ННОСТЬ** *ж.* уят-сыйытсыздык, тартынбастык, уяты жоктук.

**БЕСЦЕРЕМО'ННЫЙ,** -ая, -ое уят-сыйытсыз, тартынбай турган, уяты жок.

**БЕСЧЕЛОВЕ'ЧНО** *нареч.* адамгерчиликтен чыгып, өтө катаалдык менен, кара мүртөздүк менен.

**БЕСЧЕЛОВЕ'ЧНОСТЬ** *ж.* адамгерчилиги жоктук, өтө катаалдык, кишичилиги жоктук.

**БЕСЧЕЛОВЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое адамгерчиликсиз, өтө катаал, кишичилиги жок.

**БЕСЧЕ'СТНО** *нареч.* абийирсиздик, кыянаттык кылып.

**БЕСЧЕ'СТНОСТЬ** *ж.* абийирсиздик, бети жоктук, кыянаттык.

**БЕСЧЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое кыянатчыл, тууралыгы жок; **бесче́стный посту́пок** кыянатчыл жорук; **бесче́стный челове́к** тууралыгы жок киши.

**БЕСЧЕ'СТЬЕ** *ср.* маскаралык, абийри төгүлгөндүк.

**БЕСЧИ'НСТВО** *ср.* бейбаштык, ээн баштык, оюна келгенин кылуу.

**БЕСЧИ'НСТВОВАТЬ** *несов.* бейбаштык кылуу, ээн баштык кылуу, оюна келгенин кылуу.

**БЕСЧИ'СЛЕННОСТЬ** *ж.* эсепсиз көптүк, сансыз көптүк.

**БЕСЧИ'СЛЕННЫЙ,** -ая, -ое эсепсиз көп, сансыз көп, сан жетпеген.

**БЕСЧУ'ВСТВЕННОСТЬ** *ж.* (*бессердечность*) катаалдык, ырайымсыздык.

**БЕСЧУ'ВСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. сезимсиз, сезбес, сезимин жоготкон; **он нахо́дится в бесчу́вственном состоя́нии** ал сезимсиз абалда жатат; 2. (*жестокий, бессердечный*) катаал, ырайымсыз.

**БЕСЧУ'ВСТВИЕ** *ср.* 1. (*потеря сознания*) сезимсиздик, сезимин жоготуу, эси ооп калуу; 2. (*бессердечность*) катаалдык, ырайымсыздык.

**БЕСШАБА'ШНО** *нареч.* алаңгазардык менен, кам-кайгысыз.

**БЕСШАБА'ШНОСТЬ** *ж.* *разг.* алаңгазардык, кам-кайгысыздык.

**БЕСШАБА'ШНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* алаңгазар, кам-кайгысыз; **бесшаба́шный па́рень** алаңгазар жигит.

**БЕСШУ'МНО** *нареч.* тыбыш чыгарбай, үн чыгарбай.

**БЕСШУ'МНЫЙ,** -ая, -ое үн чыгарбаган, тыбыш чыгарбаган, үнү жок; **бесшу́мный мото́р** үнү жок мотор.

**БЕ'ТА** *ж.* бета (*грек алфавитинин экинчи тамгасы*).

**БЕ'ТА-ЛУЧИ'** *только мн. физ.* бета-шоолалар (*реактивдүү заттар чачыратуучу жана электрондордун тез өтүүчү шоолалары*).

**БЕ'ТА-ЧАСТИ'ЦЫ** *только мн. физ.* бета-бөлүкчөлөр (*реактивдүү заттар чачыратуучу электрондор*).

**БЕТО'Н** *м.* бетон (*цемент менен аралаштырылган кум менен майда таштын кошундусу*).

**БЕТОНИ'РОВАНИЕ** *ср.* бетондоо, бетон менен уютуу.

**БЕТОНИ'РОВАТЬ** *несов. что* бетондоо, бетон менен уютуу.

**БЕТО'ННЫЙ,** -ая, -ое **бетон**-*го т.*; **бето́нное сооруже́ние** бетондон иштелген курулуш.

**БЕТОНОМЕША'ЛКА** *ж. тех.* бетономешалка (*бетон аралаштыруучу машина*).

**БЕЧЕВА'** *ж.* бекем жип.

**БЕЧЁВКА** *ж.* көтөрмө (*жип*).

**БЕ'ШЕНО** *нареч.* абдан, жининдей; **бе́шено ненави́деть** жининдей жаман көрүү.

**БЕ'ШЕНСТВО** *ср.* 1. (*болезнь*) кутурма оору, кутуруу; 2. *перен.* (*гнев, ярость*) жаалдануу, өтө ачууланууу; **он в бе́шенстве наки́нулся на меня́** ал жаалданган бойдон мага асыла кетти; **приводи́ть в бе́шенство** аябай жаалдантуу.

**БЕ'ШЕНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*больной бешенством*) кутурган, кутуруп ооруган; 2. *перен.* (*вспыльчивый*) албуут; **у него́ бе́шеный хара́ктер** анын мүнөзү албуут; ◇ **бе́шеные де́ньги** бекеринен табылган көп акча; **бе́шеная ско́рость** аябаган катуу ылдамдык, көзгө илээшпеген ылдамдык, өтө зуулдаган ылдамдык; **бе́шеные це́ны** өтө кымбат, асманды айткан баа; **бе́шеное сопротивле́ние** катуу каршылык көрсөтүү.

**БЕШМЕ'Т** *м.* бешмант.

**БИБЛЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **библия**-*га т.*; **библе́йское преда́ние** тооратын адысы (жомогу, сөзү).

**БИБЛИО'ГРАФ** *м.* библиограф (*китеп жайын билгич окумуштуу*).

**БИБЛИОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **библиография**-*га т.*; **библиографи́ческий указа́тель** библиография көрсөткүчү.

**БИБЛИОГРА'ФИЯ** *ж.* библиография (1. *китептерди текшерүү жөнүндөгү илим*; 2. *айкын бир маселе жөнүндөгү китептердин тизмеси*; 3. *журналдын басылып чыккан китептерди обзор кылып туруучу бир бөлүгү*).

**БИБЛИОМА'Н** *м.* библиоман (*сейрек учуроочу китепти көрсө жата калган, китепке ышкылуу, аны жыйнап жүргөн киши*).

**БИБЛИОТЕ'КА** *ж.* библиотека, китепкана; **библиоте́ка-чита́льня** китепкана-окуу залы.

**БИБЛИОТЕ'КАРША** *женск. р. к* **библиоте́карь.**

**БИБЛИОТЕ'КАРЬ** *м.* библиотекачы.

**БИБЛИОТЕКОВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* библиотековедение (*китепкана иши жөнүндөгү илим*).

**БИБЛИОТЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **библиотека**-*га т.*; **библиоте́чный рабо́тник** китепкана кызматчысы.

**БИБЛИОФИ'Л** *м.* библиофил (*китепти жакшы көрүүчү, жыйноочу адам*).

**БИ'БЛИЯ** *ж.* 1. тоорат (*еврейлердин негизги диний китептери*); 2. библия (*христиандардын негизги диний китептери*).

**БИВА'К** *м. воен.* бивак (*өргүү; аскердин убактылуу токтогон жери*).

**БИВА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **бивак**-*ка т.*; **бива́чный ого́нь** бивак оту.

**БИ'ВНИ** *мн.* (*ед.* **би́вень** *м.*) азуу (*пил же камандын азуу тиши*).

**БИВУА'К** *м. уст. см.* **бива́к.**

**БИВУА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *уст. см.* **бива́чный.**

**БИГУДИ'** *ж. нескл.* бигуди (*чачты тармалдатуу үчүн ороп коюучу нерсе*).

**БИДО'Н** *м.* бидон; **бидо́н для молока́** сүт куюучу бидон.

**БИЕ'НИЕ** *ср.* кагыш, согуш, тебиш; **бие́ние пу́льса** тамырдын согушу; **бие́ние се́рдца** жүрөктүн кагышы.

**БИЗА'НЬ** *ж. мор.* бизань (*кеменин арткы мачтасындагы парус*).

**БИ'ЗНЕС** *м.* бизнес (*коммерция, соода*).

www.bizdin.kg

**БИЗНЕСМЕ'Н** *м.* бизнесмен (*кандай гана амал-айла менен болсо да, иши кылып, пайда алууга умтулган капиталист*).

**БИЗО'Н** *м. зоол.* бизон (*Түндүк Америкадагы жапан бука*).

**БИЙ** *м. ист.* бий.

**БИКВАДРА'Т** *м. мат.* биквадрат (*кош чарчы*).

**БИКВАДРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *мат.* биквадраттык; **биквадра́тное уравне́ние** биквадраттык теңдеме.

**БИКФО'РДОВ,** -а, -о: **бикфо́рдов шнур** *тех.* бикфорд шнуру (*бир нерсени дары менен жаруу ишинде колдонулуучу жай күйө турган милте*).

**БИЛАБИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *лингв.* кош эринчилик (*эки эрин тийишип айтылуучу үнсүздөр: б, п, м*).

**БИЛЕ'Т** *м.* билет; **парти́йный биле́т** партиялык билет; **чле́нский биле́т** мүчөлүк билет; **студе́нческий биле́т** студенттик билет; **профсою́зный биле́т** профсоюз билети; **пригласи́тельный биле́т** чакыруу билети; ◇ **креди́тный биле́т** кредит билети (*кагаз акча*).

**БИЛЕТЁР** *м.* билетёр (*кириш эшикте билет текшерип туруучу кызматчы*).

**БИЛЕТЁРША** *женск. р. к* **билетёр**; билетёрша.

**БИЛЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **билет**-*ке т.*; **биле́тная ка́сса** билет кассасы.

**БИЛЛИО'Н** *м.* биллион (1 000 000 000 000).

**БИЛЛЬ** *м. полит.* билль (*англиялык парламенттин же америкалык конгресстин кароосуна берилүүчү закон долбоору*).

**БИЛЬДАППАРА'Т** *м. тех.* бильдаппарат (*телеграф аркылуу сүрөт берүүчү аппарат*).

**БИЛЬЯ'РД** *м.* бильярд (1. *атайын жасалган үстөл үстүндөгү шарларды үстөлдүн четиндеги чуңкурларга кууп ойноло турган оюн*; 2. *бильярд ойноло турган үстөл*).

**БИЛЬЯ'РДНАЯ** *ж.* бильярд ойнолуучу бөлмө.

**БИЛЬЯ'РДНЫЙ,** -ая, -ое **бильярд**-*га т.*; **билья́рдный шар** бильярд шары.

**БИМЕТАЛЛИ'ЗМ** *м. эк.* биметаллизм (*алтын жана күмүш менен гана төлөнүүчү акча системасы*).

**БИНО'КЛЬ** *м.* бинокль, дүрбү.

**БИНОКУЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое *физ.* бинокулярдык (*эки көзгө ылайыкталган*); **бинокуля́рный микроско́п** бинокулярдык микроскоп.

**БИНО'М** *м. мат.* бином (*кошмок мүчө*); **бино́м Нью́тона** Ньютон биному.

**БИНТ** *м.* бинт (*хирургияда таңуу, байлоо үчүн колдонула турган тилке тасма чүпүрөк*).

**БИНТОВА'ТЬ** *несов. кого-что* бинттөө (*бинт менен байлоо*).

**БИО-** *татаал сөздөрдүн түрдүү илимдердеги терминдердин биринчи бөлүгү, органикалык тиричиликке таандык экендикти билдирет*; *мис.*: **биофи́зика** биофизика; **биохи́мия** биохимия.

**БИО'ГРАФ** *м.* биограф (*бирөөнүн өмүр баянын жазуучу же жазган киши*).

**БИОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **биография**-*га т.*; биографиялык, өмүр баяндык; **биографи́ческий рома́н** биографиялык роман.

**БИОГРА'ФИЯ** *ж.* биография, өмүр баян.

**БИОДИНА'МИКА** *ж.* биодинамика (*организмдин жалпы тиричилик кылышы жөнүндөгү илим*).

**БИО'ЛОГ** *м.* биолог (*биология менен иришүүчү окумуштуу*).

**БИОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **биология**-*га т.*; биологиялык; **биологи́ческая ста́нция** биология станциясы.

**БИОЛО'ГИЯ** *ж.* биология (*организмдердин тиричилиги жана анын өрчүшү жөнүндөгү илим*).

**БИОМЕХА'НИКА** *ж.* биомеханика (*физиология илиминин кыймыл мүчөлөрдү текшере турган бир бөлүмү*).

**БИОПРЕПАРА'Т** *м.* биопрепарат (*жугуштуу оорулар-ды эмдөө үчүн колдонулуучу биологиялык дары*).

**БИОСТА'НЦИЯ** *ж.* биостанция (*жергиликтүү өсүмдүктөр менен жаныбарларды изилдей турган биологиялык илим жайы*).

**БИОСФЕ'РА** *ж.* биосфера (*суу, атмосфера жана жер кыртышынын жандуу организм тиричилик кыла ала турган же тиричилик кылып турган бөлүгү*).

**БИОФИ'ЗИКА** *ж.* биофизика (*физика методдорун биологияга колдонуу жөнүндөгү илим*).

**БИОХИМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **биохимия**-*га т.*

**БИОХИ'МИЯ** *ж.* биохимия (*тирүү организмдеги химия процесстерин окуй турган илим*).

**БИПЛА'Н** *м. ав.* биплан (*кош кабат канаттуу самолёт*).

**БИ'РЖА** *ж.* биржа (*капиталисттик өлкөлөрдө—финансы жана соода жумуштары өтө турган мекеме*); **фо́ндовая би́ржа** фондулук биржа (*баалуу кагаздардын рыногу*); **това́рная би́ржа** товардык биржа (*товардын өзүн көрбөй, сыртынан эле алыш-бериш кыла турган жай*); **чёрная би́ржа** кара биржа (*чет мамлекет валютасы менен соода кылуучу жай*); **би́ржа труда́** эмгек биржасы (*капиталисттик өлкөлөрдө — жумушсуздарды каттай турган жана аларга кызмат таап берүүгө далдал боло турган мекеме*).

**БИРЖЕВИ'К** *м.* биржачы (*биржа кармаган адам*).

**БИРЖЕВО'Й,** -а́я, -о́е **биржа**-*га т.*; биржалык; **биржево́й ма́клер** биржа далдалы.

**БИ'РКА** *ж.* бирка (1. *бир нерсенин саны кесик менен белгиленген кичинекей таяк же тактай*; 2. *товарга же багажга жазылган жазуулу тактайча*).

**БИРМА'НЕЦ** *м.* бирмалык.

**БИРМА'НКА** *женск. р. к* **бирма́нец**; бирманка.

**БИРМА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Бирма**-*га*, **бирманец**-*ке т.*; бирмалык; **бирма́нский язы́к** бирма тили.

**БИРМА'НЦЫ** *мн.* бирмалыктар.

**БИРЮЗА'** *ж.* бирюза (*жашыл же көгүлтүр түстүү асыл таш*).

**БИРЮЗО'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*из бирюзы, с бирюзой*) **бирюза**-*га т.*; бирюзалуу; **бирюзо́вое кольцо́** бирюзалуу шакек; 2. (*о цвете*) бирюза түстүү; **пла́тье бирюзо́вого цве́та** бирюза түстүү көйнөк.

**БИРЮ'К** *м.* 1. (*волк*) бөрү (*жалгыз жортуп жүрүүчү бөрү*); 2. *перен.* кишиге жолобогон адам; ◇ **смотре́ть бирюко́м** үңүрөйүп кароо.

**БИРЮ'ЛЬКИ** *мн.*: **игра́ть в бирю́льки** эрмек кылуу, убакыт өткөрүү.

**БИС** *межд.* бис (*дагы!, дагы!*); ◇ **исполня́ть на бис** элдин суроосу боюнча дагы аткаруу.

**БИ'СЕР** *м.* бисер (*саймада колдонула турган эң майда суу мончок, шуру*).

**БИ'СЕРНЫЙ,** -ая, -ое **бисер**-*ге т.*; ◇ **би́серный по́черк** өтө майда жазуу.

**БИСИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* көрүүчүлөрдүн суроосу боюнча ойноо, бир эле номерди кайта ойноо.

**БИСКВИ'Т** *м.* бисквит (*жумуртка, ун жана канттан жасалган таттуу нандын бир түрү*).

**БИСКВИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **бисквит**-*ке т.*; **бискви́тное пиро́жное** бисквит пирожноеси.

**БИССЕКТРИ'СА** *ж. мат.* биссектриса.

**БИСУЛЬФА'Т** *м. хим.* бисульфат (*кычкыл күкүрт-натрий тузу*).

**БИСУЛЬФИ'Т** *м. хим.* бисульфит (*фотография жана текстиль ишинде колдонулуучу күкүрттүү-кычкыл натрий*).

**БИТА'** *ж. спорт.* абалак; сака.

**БИ'ТВА** *ж.* уруш, салгылаш, салгылашуу.

**БИТКО'М** *нареч.* жык толгон, лык толгон; **битко́м наби́т** жык толгон.

www.bizdin.kg

**БИТО'К** *м.* (*мн.* **битки́**) биток (*эттен жасалган котлетанын бир түрү*).

**БИ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. (*разбитый*) сынган, кетилген; **би́тая посу́да** кетилген (сынган) идиш; 2. (*убитый*) өлтүрүлгөн; **би́тая пти́ца** өлтүрүлгөн куш; ◇ **би́тые сли́вки** бышылган бал каймак; **я вас би́тый час ждал** мен сизди бир саат бою күттүм.

**БИТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*ударять, избивать*) уруу, согуу, таяктоо, токмоктоо; тепкилөө (*пинать*); тебүү (*лягать*); 2. *во что* (*ударять, стучать*) уруу, кагуу; **бить в дверь** эшикти кагуу; **бить в бараба́н** барабан согуу, барабан уруу; **бить в ко́локол** коңгуроо уруу; 3. *что* (*ломать, разбивать*) сындыруу, талкалоо, быркыратуу; 4. *кого-что* (*стрелять*) атуу; **бить у́тку на лету́** учуп бараткан өрдөктү атуу; **ружьё бьёт далеко́** мылтык ыраак тиет; 5. *кого-что* (*побеждать*) жеңүү; 6. *кого-что* (*умерщвлять*) сайуу, союу, чанчуу; **бить скот** мал союу; **ры́бу бьют острого́й** балыкты дегээ менен саят (чанчат); 7. *по чему* (*вредить, мешать*) зыян келтирүү; **бить по** *чьим-л.* **интере́сам** *биреөнүн* мүдөөсүнө, тилегине тоскоолдук кылуу; **бить по карма́ну** чөнтөккө зыян келтирүү; 8. *что* (*в карточной игре*) жабуу, басуу; **бить ка́рту** картаны басуу; ◇ **бить в ладо́ши** алакан чабуу; **часы́ бьют** саат согот; **бить ма́сло** май түшүрүү; **бить шерсть** жүн сабоо; **кровь бьёт ключо́м** кан диркирейт; **бить трево́гу** чуу көтөрүү, айгай салуу; **бить отбо́й** 1) *воен.* согуш аракетин токтотуу; 2) *перен.* тануу, сөзүнөн кайтуу; **его́ бьёт лихора́дка** анын безгеги кармап жатат; **бьёт в глаза́** өзүнөн өзү эле оркоюп көрүнүп турат; **бить в нос** (*о запахе*) мурунга жыты келүү.

**БИТЬЁ** *ср.* 1. (*побои*) уруу, тепкилөө; 2. (*напр. посуды*) сындыруу, талкалоо, быркыратуу.

**БИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *с кем-чем* согушуу, урушуу, койгулашуу; **би́ться с враго́м** душман менен согушуу; 2. (*напр. о посуде*) сынуу, талкалануу, быркыроо; 3. *над чем* жан талашуу, урунуу, тырышуу; **би́ться над реше́нием зада́чи** маселени чечүү үчүн тырышуу; 4. (*напр. о пульсе*) согуу (*мис. тамыр*); ◇ **би́ться об закла́д** мелдешүү, байге сайышуу; **би́ться голово́й о сте́ну** башын ташка койгулоо.

**БИТЮ'Г** *м.* битюг (*жылкынын бир түрү*).

**БИФУРКА'ЦИЯ** *ж.* бифуркация (*экиге айрылуу, экиге бөлүнүү*); **бифурка́ция реки́** дарыянын бифуркациясы.

**БИФШТЕ'КС** *м.* бифштекс (*куурулган эттин бир түрү*).

**БИ'ЦЕПС** *м. анат.* бицепс (*карынын эки баштуу булчуңу*).

**БИЧ** *м.* 1. (*кнут*) камчы; 2. *перен.* (*бедствие*) балаа, балакет.

**БИЧЕВА'НИЕ** *ср.* 1. сабоо; 2. *перен.* ашкерелеп табалоо.

**БИЧЕВА'ТЬ** *несов. кого-что* 1. сабоо; 2. *перен.* ашкерелеп табалоо, ашкерелеп бетин ачуу.

**БИШЬ** *частица разг.*: **как э́то бишь называ́ется?** муну кандай деп атачу эле?, муну эмне деп айтчу эле?; **то бишь** башкача айтканда.

**БЛА'ГО** I *ср.* жыргал; **обще́ственное бла́го** көпчүлүктүн жыргалы; **труди́ться на бла́го ро́дины** родинанын жыргалы үчүн эмгек кылуу; **материа́льные бла́га** материалдык жыргал; **земны́е бла́га** дүйнөнүн жыргалы; ◇ **всех благ!** ишиң оңолсун!, бет алган жактан жалгасын!; **ни за каки́е бла́га в ми́ре!** баштан ылдый алтын куйса да!

**БЛА'ГО** II *союз разг.* анткени, нече десе, ырас болду, жакшы болду.

**БЛА'ГОВЕСТ** *м. уст.* коңгуроо уруу (*чиркөөдө сыйынуу алдында коңгуроонун кагылышы*).

**БЛАГОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. *уст.* көрүнүшү жакшы, кебетеси түзүк, ажардуу; **благови́дный ста́рец** ажардуу абышка; 2. дурус, адептүү; **благови́дный посту́пок** дурус иш; ◇ **благови́дный предло́г** =ымыш болгон шылтоо, ыктуу шылтоо; **под благови́дным предло́гом** шылтоо кылымыш болуп.

**БЛАГОВОЛЕ'НИЕ** *ср. уст.* ырай кылуу, жакшылык кылуу, аркасын тийгизүү.

**БЛАГОВОЛИ'ТЬ** *несов. к кому-чему* ырай кылуу, жакшылык кылуу, аркасын тийгизүү; ◇ **благоволи́те** ырайым этиңиз.

**БЛАГОВО'НИЕ** *ср. уст.* жыпар жыт, аңкыган жыпар жыт, атыр жыт.

**БЛАГОВО'ННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* жыпар жыттанган, атыр жыты бураган.

**БЛАГОВОСПИ'ТАННОСТЬ** *ж.* адептүүлүк, сылыктык, жакшы тарбия көргөндүк.

**БЛАГОВОСПИ'ТАННЫЙ,** -ая, -ое адептүү, сылык, жакшы тарбия көргөн.

**БЛАГОГОВЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое кастарлуу, урматтуу, ардактуу.

**БЛАГОГОВЕ'НИЕ** *ср.* кастарлоо, урматтоо, ардактоо.

**БЛАГОГОВЕ'ТЬ** *несов. перед кем-чем* кастарлоо, урматтоо, ардактоо.

**БЛАГОДАРИ'ТЬ** *несов. кого* алкыш айтуу, ыракмат айтуу; **благодарю́!** ыракмат!

**БЛАГОДА'РНОСТЬ** *ж.* алкыш, ыракмат; **вы́разить благода́рность** ыракмат айтуу; **объяви́ть благода́рность** алкыш жарыялоо.

**БЛАГОДА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. ыраазы; **я вам о́чень благода́рен** мен сизге абдан ыраазымын; 2. ийгиликтүү, убайлуу; **благода́рный труд** ийгиликтүү эмгек.

**БЛАГОДА'РСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое ыракмат айткан, чоң алкыш айткан; **благода́рственное письмо́** алкыш айткан кат.

**БЛАГОДАРЯ'** *предлог с дат. п.* аркасында, себептүү, =дыктан; **благодаря́ темноте́ он оста́лся незаме́ченным** караңгы болгондуктан ал байкалбай калды; **благодаря́ тому́, что...** ...=дыктан, ...натыйжасында, ...аркасында, ...себептүү.

**БЛАГОДА'ТНЫЙ,** -ая, -ое жыргалдуу, берекелүү; **благода́тное вре́мя** жыргалдуу убак.

**БЛАГОДА'ТЬ** *ж.* жыргал, жакшы; **кака́я здесь благода́ть!** мында кандай жакшы!

**БЛАГОДЕ'НСТВИЕ** *ср. уст.* жыргалчылык, ыракат.

**БЛАГОДЕ'ТЕЛЬ** *м. уст.* жакшылык кылуучу, ажаттан чыгаруучу, жакшылык көрсөтүүчү, ак ниет.

**БЛАГОДЕ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **благоде́тель.**

**БЛАГОДЕ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое пайдалуу, жыргалдуу, жагымдуу; **благоде́тельный кли́мат** жагымдуу климат.

**БЛАГОДЕЯ'НИЕ** *ср. уст.* жакшылык, жакшылык-туу иш.

**БЛАГОДУ'ШЕСТВОВАТЬ** *несов.* бейгамдык кылуу, камаарабастык кылуу, жайбаракаттык кылуу

**БЛАГОДУ'ШИЕ** *ср.* 1. (*мягкосердечность*) көңүлчөөктүк, жумшактык; 2. (*самоуспокоенность*) жайбаракаттык, камаарабастык.

**БЛАГОДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*добрый, мягкий*) көңүлчөөк, жумшак; **благоду́шный челове́к** көңүлчөөк киши; 2. (*спокойный, беззаботный*) жайбаракат, камаарабаган; **благоду́шное отноше́ние** *к чему-л.* *бир нерсеге* камаарабастык менен мамиле кылуу.

**БЛАГОЖЕЛА'ТЕЛЬ** *м.* жакшылык каалоочу, кайрымдуу.

**БЛАГОЖЕЛА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **благожела́тель.**

**БЛАГОЖЕЛА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* жакшылык каалагандык, кайрымдуулук.

**БЛАГОЖЕЛА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жакшылык каалоочу, кайрымдуу, жактырган, мактаган, макулдаган; **благожела́тельная характери́стика** мактаган мүнөздөмө.

**БЛАГОЗВУ'ЧИЕ** *ср.* кооз үндүүлүк, көркөм үндүүлүк, жакшынакай үндүүлүк.

www.bizdin.kg

**БЛАГОЗВУ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое коoз үндүү, көркөм үндүү, жакшынакай үндүү, үнү уккулуктуу.

**БЛАГО'Й** I, -а́я, -о́е *уст.* (*хороший*) жакшы, дурус; **благо́е наме́рение** жакшы ниет.

**БЛАГО'Й** II: **крича́ть благи́м ма́том** *разг.* ач күзөнчө чаңыруу.

**БЛАГОНАДЁЖНОСТЬ** *ж.* ишенчиликтүүлүк, шексиздик.

**БЛАГОНАДЁЖНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*заслуживающий доверия*) ишенчиликтүү, ишеничтүү; **он челове́к вполне́ благонадёжный** ал абдан ишенчиликтүү киши; 2. *уст.* (*благонамеренный*) падыша өкмөтүнө каршы шек-шубасы билинбеген.

**БЛАГОНАМЕ'РЕННОСТЬ** *ж. уст.* жакшы ниеттүүлүк, жакшылык кылууну ойлоочулук.

**БЛАГОНАМЕ'РЕННЫЙ**, -ая, -ое *уст.* жакшы ниеттүү, жакшылык кылууну ойлогон.

**БЛАГОНРА'ВНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* жүрүш-турушу жакшы, кулк-мүнөзү жакшы.

**БЛАГООБРА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое ажардуу, келбеттүү.

**БЛАГОПОЛУ'ЧИЕ** *ср.* аман-эсендик, сак-саламаттык, амандык, тынчтык, эсендик, эсенчилик, иштин оңунда болушу; **жела́ю вам вся́кого благополу́чия** сиздин бардык жагынан ишиңиздин ийгиликтүү болушун тилеймин.

**БЛАГОПОЛУ'ЧНО** *нареч.* аман-эсен, сак-саламат.

**БЛАГОПОЛУ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое аман-эсен, сак-саламат.

**БЛАГОПРИОБРЕ'ТЕННЫЙ**, -ая, -ое өзү тапкан, өзү эмгек кылып тапкан.

**БЛАГОПРИСТО'ЙНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* адат-үрпкө ылайык, жол-жосунга туура.

**БЛАГОПРИЯ'ТНО** *нареч.* жайлуу, ылайыктуу.

**БЛАГОПРИЯ'ТНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*способствующий чему-л.*) жайлуу, ылайыктуу, кырдаалдуу, ыктуу, оңтойлуу; 2. (*одобрительный*) жактырган, жагымдуу, жакшы.

**БЛАГОПРИЯ'ТСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* кол кабыш кылуу, жардам кылуу, ыңтайлуу болуу; **обстоя́тельства благоприя́тствовали на́шему пла́ну** биздин планыбызга шарт ыңтайлуу болду.

**БЛАГОРАЗУ'МИЕ** *ср.* акылга салуу, акылдуулук, эстүүлүк.

**БЛАГОРАЗУ'МНО** *нареч.* акылга туура кылып, акылдуулук (эстүүлүк) менен.

**БЛАГОРАЗУ'МНЫЙ**, -ая, -ое акыл менен иштелген, акылдуу, эстүү, орду менен иштелген.

**БЛАГОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое 1. асыл, жакшы, асылзат, укмуш, сонун, туура; **благоро́дный посту́пок** жакшы иш; 2. нурдуу, нуру төгүлгөн, жайнаган; **благоро́дная красота́** нуру төгүлгөн сулуулук; **благоро́дное лицо́** нурдуу жүз; ◇ **благоро́дные мета́ллы** асыл металлдар (*алтын, күмүш, платина*); **благоро́дные га́зы** асыл газдар (*хим. неон, аргон*).

**БЛАГОРО'ДСТВО** *ср.* жакшылык, асылзаттык, тууралык; **благоро́дство хара́ктера** мүнөздүн жакшылыгы; **его́ благоро́дство** анын асылзаттыгы.

**БЛАГОСКЛО'ННО** *нареч.* жакшы ниеттүүлүк менен, тилектештик менен.

**БЛАГОСКЛО'ННОСТЬ** *ж.* жакшылык тилөөчүлүк, кайрымдуулук.

**БЛАГОСКЛО'ННЫЙ**, -ая, -ое жакшылык тилөөчү, кайрымдуу.

**БЛАГОСЛОВЕ'НИЕ** *ср. уст.* бата, бата берүү; ◇ **я э́то сде́лал с твоего́ благослове́ния** мен муну сенин айтууң менен иштедим.

**БЛАГОСЛОВЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое *поэт.* бакыттуу, жыргалдуу, бейпил, берекелүү; **благослове́нный край** жыргалдуу өлкө.

**БЛАГОСЛОВИ'ТЬ** *сов. кого-что, уст.* бата берүү, бата окуу; **он благослови́л нас на э́то де́ло** *перен.* ал бизге бул ишке кирише берүүгө уруксат кылды.

**БЛАГОСЛОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **благослови́ть.**

**БЛАГОСОСТОЯ'НИЕ** *ср.* жыргалчылык, жетиштүүлүк, оокаттуулук, берекелүү турмуш; **благосостоя́ние трудя́щихся СССР неукло́нно растёт** СССРдин эмгекчилеринин жыргалчылыгы уламдан-улам өсүп баратат.

**БЛАГОТВОРИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* кайрымдуу, колдоочу, кишиге жакшылыкты көп кылган.

**БЛАГОТВОРИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **благотвори́тель.**

**БЛАГОТВОРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж. уст.* кудайычылык, кайыр-садага.

**БЛАГОТВОРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* кудайыга арналган, кайыр-садагага арналган; **благотвори́тельный спекта́кль** кайыр-садагага арналган спектакль.

**БЛАГОТВО'РНЫЙ**, -ая, -ое пайдалуу, жакшы, жакшы таасир кылуучу, жагыштуу, жагымдуу; **благотво́рное влия́ние** жакшы таасир.

**БЛАГОУСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **благоустро́ить.**

**БЛАГОУСТРА'ИВАТЬСЯ** *несов.* жакшылануу, жабдылуу, бардык нерсеси шай кылынуу, телегейи текши кылып жабдылуу.

**БЛАГОУСТРО'ЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **благоустро́ить;** 2. *прил.* жакшыланган, жабдылган, телегейи текши болгон.

**БЛАГОУСТРО'ИТЬ** *сов. что* жакшылоо, жабдуу, жайлуу кылуу, телегейин текши кылуу.

**БЛАГОУСТРО'ЙСТВО** *ср.* благоустройство, жайлуулук, телегейи текшилик, жакшылануу; **благоустро́йство го́рода Фру́нзе растёт с ка́ждым го́дом** Фрунзе шаарынын жакшыланышы жыл сайын өсүүдө.

**БЛАГОУХА'НИЕ** *ср.* аңкуу, жыпар жыттануу.

**БЛАГОУХА'ННЫЙ**, -ая, -ое *поэт.* жыты аңкыган, жыпар жыттанган.

**БЛАГОУХА'ТЬ** *несов.* аңкуу, жыпар жыттануу; **цветы́ благоуха́ли** гүлдөр аңкыды.

**БЛАГОУХА'ЮЩИЙ**, -ая, -ее аңкыган, жыпар жыттанган.

**БЛАГОЧЕСТИ'ВЫЙ**, -ая, -ое *уст.* такыба, динге бек, динди бек кармаган, сопу.

**БЛАГОЧЕ'СТИЕ** *ср. уст.* такыбалык, сопулук.

**БЛАЖЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое 1. (*счастливый*) магдыраган, жадырап жайнаган; 2. *перен.* (*глуповатый*) келесоо чалыш, маңыроо чалыш.

**БЛАЖЕ'НСТВО** *ср.* жыргал, ыракат.

**БЛАЖЕ'НСТВОВАТЬ** *несов.* жыргоо, ыракаттануу.

**БЛАЖЬ** *ж. разг.* сандырак; **что за блажь пришла́ тебе́ в го́лову!** кайдагы сандырак сенин башыңа келди!

**БЛАНК** *м.* бланк; **бланк перево́да де́нег по по́чте** почта аркылуу акча жиберүү бланкы; **телегра́фный бланк** телеграф бланкы.

**БЛЕДНЕ'ТЬ** *несов.* 1. (*становиться бледным*) кубаруу, кумсаруу; 2. *перед кем-чем, перен.* бирдеме менен салыштырганда андан төмөн болуу.

**БЛЕДНОЛИ'ЦЫЙ**, -ая, -ее куба жүздүү.

**БЛЕ'ДНО-РО'ЗОВЫЙ**, -ая, -ое ымыркай, мала кызыл.

**БЛЕ'ДНОСТЬ** *ж.* 1. кубалык, күңүрттүк; кумсарыңкылык (*напр. от волнения, злости*); 2. *перен.* (*невыразительность*) ачык эместик, мазасыздык, начардык.

**БЛЕ'ДНЫЙ**, -ая, -ое 1. кубарган, күңүрт; кумсарган (*напр. от волнения, злости*); **бле́дный свет луны́** айдын күңүрт жарыгы; 2. *перен.* (*невыразительный*) ачык эмес, мазасыз, начар; **бле́дный расска́з** мазасыз аңгеме.

**БЛЕЗИ'Р** *м.*: **для блези́ру** *разг. уст.* ымыш болуп; **он то́лько для блези́ру хо́дит в институ́т** институтка ал тим эле барымыш болуп жүрөт.

**БЛЁКЛЫЙ**, -ая, -ое солуган, солуп кеткен, өчүңкү, өңү кеткен, өңү өчкөн; **блёклые кра́ски о́сени** күздүн өңү өчкөн түстөрү.

www.bizdin.kg

**БЛЁКНУТЬ** *несов.* 1. (*вянуть*) солуу; **без воды́ цветы́ блёкнут** гүлдөр суусуз солуйт; 2. (*тускнеть*) оңуу, өңү өчүү; **кра́ски блёкнут от вре́мени** убакыт өткөн сайын боёк оңот.

**БЛЕСК** *м.* 1. жаркылдоо, жылтыроо, жаркыроо, жылтылдоо; 2. *перен.* көркөмдүк, кооздук, шаан-шөөкөт; **в блёске сла́вы** даңкы таш жарат; ◇ **во всём блёске** баарыдан мыкты, баарыдан ашып.

**БЛЕСНА'** *ж. рыб.* блесна (*балыкты жемсиз кармоо үчүн, жылтырак металлдан май чабакка окшотуп жасалган кайырмактуу кармагыч*).

**БЛЕСНУ'ТЬ** *однокр.* 1. жарк этүү, жаркылдоо; 2. *перен.* (*внезапно появиться*) кылт этүү, чети көрүнүү; **блесну́ла мысль** ойго кылт эте түштү; **блесну́ла надёжда** үмүттүн чети көрүндү.

**БЛЕСТЕ'ТЬ** *несов.* жаркылдоо, жаркыроо, жалтыроо, жылтылдоо; мөлтүрөө, мөлмүлдөө; **роса́ блести́т на со́лнце** шүүдүрүм күнгө жылтылдайт; ◇ **он не блёщет умо́м** ал анчалык акылдуу эмес.

**БЛЁСТКИ** *мн.* (*ед.* **блёстка** *ж.*) жылтыр-жултур болуп көрүнгөн нерселер; **блёстки жи́ра на бульо́не** сорпонун бетиндеги балык көз жылтыр май.

**БЛЕСТЯ'ЩЕ** *нареч.* сонун, мыкты; **он блестя́ще вы́держал экза́мен** ал экзаменден мыкты өттү.

**БЛЕСТЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **блесте́ть**; 2. *прил.* жаркыраган, жылтыраган, жайнаган; **блестя́щие глаза́** жайнаган көз; 3. *перен.* мыкты, сонун; **блестя́щий отве́т** мыкты жооп; **блестя́щий ора́тор** мыкты оратор.

**БЛЕФ** *м.* блеф (*куру кыйкырык, калп опуза*).

**БЛЕ'ЯНИЕ** *ср.* маароо.

**БЛЕ'ЯТЬ** *несов.* маароо.

**БЛИЖА'ЙШИЙ**, -ая, -ее *превосх. ст. от прил.* **бли́зкий** 1. (*по месту*) эң жакын, жакын жердеги; **ближа́йшее почто́вое отделе́ние** жакын жердеги почта бөлүмү; 2. (*по времени*) жакын, жакында, жакын арада; **в ближа́йшие дни** жакын күндөрдө, жакын арада; 3. (*о человеке*) жакын; **ближа́йший друг** эң жакын дос; ◇ **при ближа́йшем уча́стии** кызуу катышуусу менен.

**БЛИ'ЖЕ** *сравн. ст. от прил.* **бли́зкий** *и нареч.* **бли́зко** жакыныраак; **луна́ бли́же к земле́, чем со́лнце** күнгө караганда, ай жерге жакыныраак.

**БЛИ'ЖНИЙ**, -яя, -ее 1. (*о месте*) жакын, жакын жердеги; 2. *в знач. сущ. м. уст.* жакын киши, бир тууган.

**БЛИЗ** *предлог с род. п.* жанында, жанына, жакын; **он расположи́лся близ реки́** ал өзөндүн жанына конду.

**БЛИ'ЗИТЬСЯ** *несов.* жакындоо, жакын келүү, жакындап жете келүү; **бли́зится но́вый уче́бный год** жаңы окуу жылы жакындап калды.

**БЛИ'ЗКИЙ**, -ая, -ое 1. (*по месту*) жакын, жакын жердеги; **бли́зкое расстоя́ние** жакын аралык; 2. (*по времени*) жакын, жакында, жакын арада; 3. (*об отношениях*) жакын, ынак, татуу; **бли́зкий прия́тель** жакын дос; **бли́зкий ро́дственник** жакын тууган; 4. (*сходный*) окшош, бирдей, жакын; **перево́д бли́зок к по́длиннику** котормо нускасына жакын; **бли́зкие взгля́ды** бирдей көз караштар; 5. *в знач. сущ.* **бли́зкие** *мн.* (*родственники*) туугандар; ◇ **бли́зкий се́рдцу** көөнгө жакын.

**БЛИ'ЗКО** I. *нареч.* жакын; **ему́ отсю́да бли́зко** ага бул жерден жакын; 2. *нареч.* (*хорошо, вполне*) жакын; **бли́зко познако́миться** жакын таанышуу; **я его́ бли́зко зна́ю** мен аны жакшы тааныймын; 3. *безл. в знач. сказ.* жакын.

**БЛИЗЛЕЖА'ЩИЙ**, -ая, -ее жакын жердеги.

**БЛИЗНЕЦЫ'** *мн.* (*ед.* **близне́ц** *м.*) эгиздер.

**БЛИЗОРУ'КИЙ**, -ая, -ое 1. алыстан көрбөй турган; 2. *перен.* (*недальновидный*) эртеңкини ойлобогон, келечекти күн мурун болжобогон адам, сокур.

**БЛИЗОРУ'КОСТЬ** *ж.* 1. алыстагыны көрбөстүк; 2. *перен.* (*недальновидность*) эртеңкини ойлобогондук, келечекти күн мурун болжобогондук, сокурдук; **полити́ческая близору́кость** саясий сокурдук.

**БЛИ'ЗОСТЬ** *ж.* 1. жакындык, аз калгандык, жакындап калгандык; **чу́вствуется бли́зость рассве́та** таңдын сүрүшүнө аз калгандыгы сезилип турат; 2. *перен.* (*в отношениях*) тугандык, ынактык, сырдаштык; 3. (*сходство*) бирдейлик, окшоштук (*мис. көз караш*).

**БЛИК** *м.* блик (*күңүрт фондогу ак так*).

**БЛИН** *м.* блин (*суюк камырдан жука кылып табада бышырылган жупка*); ◇ **пе́рвый блин ко́мом** *погов.* иш бара-бара оңолот.

**БЛИНДА'Ж** *м. воен.* блиндаж (*артиллериянын огунан коргонуу үчүн окоп үстүнө жабылган калкан*).

**БЛИНДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, воен.* блиндаждоо (*блиндаж же броня менен жабуу, каптоо*).

**БЛИ'ННЫЙ**, -ая, -ое **блин**-*ге т.*; **бли́нная мука́** блин жасалуучу ун.

**БЛИ'НЧИКИ** *мн.* (*ед.* **бли́нчик** *м.*) блинчик (*жука камырга эт же варенье же быштак ороп бышырган тамак*).

**БЛИСТА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое мыкты, сонун, укмуштуу.

**БЛИСТА'ТЬ** *несов.* бөлүнүп туруу, башкача болуу, көрүнүктүү болуу; **блиста́ть красото́й** сулуулук жагынан башкалардан ашып түшүү; ◇ **блиста́ть отсу́тствием** келбей коюп өзүнүн жоктугун сездирүү.

**БЛОК** I *м. тех.* блок (*кыры кобулдуу, кобулунан жип өткөзүлгөн жүк көтөргүч чыгырык*).

**БЛОК** II *м. полит.* блок (*биргелешип аракет кылуу максаты менен мамлекеттер, саясий партиялар же уюмдар ортосунда түзүлгөн келишим*).

**БЛОКА'ДА** *ж.* блокада (1. *воен. жолдорду кесүү, тосуу максаты менен бир пунктту курчап алуу*; 2. *полит. бир мамлекетти экономика жана саясий жагынан обочолотуу максаты менен байланышты үзүү*).

**БЛОКА'ДНЫЙ**, -ая, -ое **блокада**-*га т.*

**БЛОКГА'УЗ** *м. воен.* блокгауз (*мылтык, пулемёт, артиллерия атуу үчүн жасалган тешиктүү талаа чеби*).

**БЛОКИ'РОВАТЬ** I *сов. и несов. что, ж.-д.* блокировкалоо (*эки станциянын ортосундагы жолду семафор же светофор менен жаап коюу; бул — жол бош эмес дегенди белгилейт*).

**БЛОКИ'РОВАТЬ** II *сов. и несов. кого-что, полит.* блокадалоо, блокада уюштуруу.

**БЛОКИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов. полит.* блоктошуу.

**БЛОКИРО'ВКА** *ж. ж.-д.* блокировка (*жолдун ачык же жабыктыгын билдирүүчү механикалык сигналдардын системасы*).

**БЛОКНО'Т** *м.* блокнот, жыртып алма дептерче; ◇ **блокно́т агита́тора** агитатордун блокноту.

**БЛОНДИ'Н** *м.* блондин (*ак саргыл чачтуу киши, ак жуумал*).

**БЛОНДИ'НКА** *женск. р. к* **блонди́н**; блондинка.

**БЛОХА'** *ж.* бүргө.

**БЛО'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **блок** I-*ге т.*

**БЛОШИ'НЫЙ**, -ая, -ое **блоха**-*га т.*

**БЛУД** *м. уст.* аягы суюктук, бузукулук.

**БЛУДИ'ТЬ** I *несов. разг.* (*распутничать*) аягы суюктук кылуу, бузукулук кылуу.

**БЛУДИ'ТЬ** II *несов. прост.* (*блуждать*) адашуу; **блуди́ть по́ лесу** токойдо адашуу.

**БЛУДЛИ'ВЫЙ**, -ая, -ое аягы суюк, бузук; ◇ **блудли́в как ко́шка, трусли́в как за́яц** *погов.* бузуктугу мышыктай, коркоктугу коёндой.

**БЛУ'ДНЫЙ**: **блу́дный сын** тентип жүрүп, кайта үйүнө келген уул.

**БЛУЖДА'НИЕ** *ср.* 1. (*напр. по лесу*) адашуу, адашып жүрүү; 2. (*скитание*) каңгыроо, кезүү, тентүү, каңгуу, каңгып жүрүү, тентиреп жүрүү; **блужда́ние по све́ту** тентиреп дүйнө кыдыруу.

www.bizdin.kg

**БЛУЖДА'ТЬ** *несов.* **1.** (*бродить, плутать*) адашуу адашып жүрүү; **мы до́лго блужда́ли по́ лесу, пока́ нашли́ тропи́нку** жалгыз аяк жолду тапканча, токойдо далайга адашып жүрдүк; **2.** (*скитаться*) каңгыроо, кезүү, тентүү, тентиреп жүрүү; **блужда́ть по све́ту** дүйнөдө тентиреп жүрүү.

**БЛУЖДА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее адашуучу; **блужда́ющий взгляд** көздүн кайдигер гана карашы; **блужда́ющая по́чка** *мед.* ордунан жылган жана ары-бери жылып туруучу бөйрөк (*оору*); **блужда́ющие огни́** албарсты оту, шайтан оту.

**БЛУ'ЗА** *ж.* блуза (*көйнөктүн бир түрү*).

**БЛУ'ЗКА** *ж.* блузка (*аялдардын жеңил кездемеден тигилген кофтасы*).

**БЛЮ'ДЕЧКО** *ср.* кичине талинке (*стакандын астына коюлуучу кичинекей табак*).

**БЛЮ'ДО** *ср.* **1.** (*посуда*) табак; **2.** (*кушанье*) тамак; **вку́сное блю́до** даамдуу тамак; **обе́д из трёх блюд** үч түрдүү тамактан турган обед.

**БЛЮДОЛИ'З** *м. презр.* жасакерденип бирөөнүн эсебинен жыргаганды жакшы көргөн адам.

**БЛЮ'ДЦЕ** *ср.* талинке.

**БЛЮ'МИНГ** *м. тех.* блюминг (*болот кыса турган жана сомдой турган стан*).

**БЛЮМС** *м. тех.* блюмс (*блюмингде иштетилген сүйрү металл кесиндилери*).

**БЛЮСТИ'** *несов. что* коргоо, сактоо, тутуу; **блюсти́ зако́н** законду тутуу (сактоо); **блюсти́** *чьи-л.* **интере́сы** *бирөөнүн* таламын жактоо; **блюсти́ поря́док** тартип сактоо.

**БЛЮСТИ'ТЕЛЬ** *м.* коргоочу, сактоочу; **блюсти́тель поря́дка** *ирон.* тартип сактагыч.

**БЛЮСТИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **блюсти́тель.**

**БЛЯ'ХА** *ж.* бляха (*номердүү, жазуулуу кичине каңылтыр*).

**БОА'** I *м. нескл. зоол.* боа (*жыландын бир түрү*).

**БОА'** II *ср. нескл.* боа (*аялдардын мехтен же куштун канатынан жасалган моюнга салынуучу шарфы*).

**БОБ** *м.* боб, буурчак; ◇ **оста́ться на боба́х** *разг.* таш жалак калуу.

**БОБЁР** *м.* (*мех*) кемчеттин териси.

**БОБИ'НА** *ж. тех.* бобина (*сым же тасма оролгон чыгырык*).

**БОБО'ВЫЕ** *мн.* (*ед.* **бобо́вое** *ср.*) *бот.* боб (буурчак) өсүмдүктөрү.

**БОБО'ВЫЙ,** -ая, -ое **боб**-*го т.*; **бобо́вые посе́вы** боб эгилген, буурчак себилген талаа.

**БОБР** *м. зоол.* кемчет.

**БО'БРИК** *м.* (*сукно*) бобрик, бөбрүк (*кездеме*).

**БО'БРИКОМ** *нареч.* тикирейтип (*алдырган чач*); **остри́чься бо́брикoм** чачты тикирейтип алдыруу.

**БОБРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **бобёр**-*го т.*; **бобро́вый мех** кемчет териси; **бобро́вый воротни́к** кемчет жака.

**БОБСЛЕ'Й** *м. спорт.* бобслей (*чана менен тоодон тез түшүү*).

**БОБЫ'ЛЬ** *м.* **1.** *уст.* (*безземельный крестьянин*) жерсиз дыйкан; **2.** (*бессемейный человек*) жалгыз бой киши; **жить бобылём** бүлөсүз жалгыз жашоо, бойдок жашоо.

**БОГ** *м.* кудай, теңир, алда; ◇ **бог зна́ет как** кандай экенин кудай билет; **бог его́ зна́ет** аны кудай билет; **не дай бог** кудай сактасын; **а он дава́й бог но́ги** ал болсо жолуна түшүп качып жөнөдү; **сла́ва бо́гу** кудайга шүкүр.

**БОГАДЕ'ЛЬНЯ** *ж. уст.* ишке жарабаган, карыган кемпир-абышкаларды бага турган үй.

**БОГАРА'** *ж. с.-х.* кайрак, сугарылбаган жер.

**БОГА'РНЫЙ,** -ая, -ое **богара**-*га т.*; кайрак, сугарылбаган (*эгин*).

**БОГАТЕ'ЙШИЙ,** -ая, -ее *превосх. ст. от прил.* **бога́тый** абдан бай.

**БОГАТЕ'ТЬ** *несов.* баюу, бай болуу.

**БОГА'ТО** *нареч.* бай.

**БОГА'ТСТВО** *ср.* **1.** байлык, дөөлөт; **есте́ственные бога́тства СССР неисчисли́мы** СССРдин табигый байлыктары сансыз көп; **2.** (*обилие*) молдук; **3.** *перен.* (*великолепие*) сонундук, келишкендик, түрдүүлүк; **бога́тство кра́сок** түстөрдүн сонундугу.

**БОГА'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** бай; **бога́тый колхо́з** бай колхоз; **бога́тая хле́бом страна́** эгинге (данга) бай өлкө; **2.** (*обильный*) мол; **бога́тый урожа́й** мол түшүм; **3.** *перен.* кулпурган, сонун, келишкен; **бога́тое убра́нство до́ма** үйдүн кулпурган жасалгасы; **бога́тый го́лос** сонун (келишкен) үн; **4.** *в знач. сущ.* **бога́тые** *мн.* байлар.

**БОГАТЫ'РСКИЙ,** -ая, -ое **богатырь**-*га т.*; баатырдык; **богаты́рский э́пос** *лит.* баатырдык жомок; **у него́ богаты́рское телосложе́ние** анын мүчөсү баатырдыкындай.

**БОГАТЫ'РЬ** *м.* баатыр.

**БОГА'Ч** *м.* бай киши, бай.

**БОГА'ЧКА** *женск. р. к* **бога́ч.**

**БОГДЫХА'Н** *м. ист.* кытай падышасы.

**БОГЕ'МА** *ж.* богема (**1.** *собир. капиталисттик өлкөлөрдө — иретсиз жашоочу жазуучу, артист, художник жана ушул өңдүү интеллигенттер*; **2.** *алардын өткөргөн турмушу*).

**БОГИ'НЯ** *женск. р. к* **бог; боги́ня красоты́** 1) сулуулуктун кудайы; 2) *перен.* сулуунун сулуусу.

**БОГОБОЯ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* кудайдан коркуучу.

**БОГОМО'Л** *м. зоол.* жаачы, жаа.

**БОГОМО'ЛЕЦ** *м. уст.* касиеттүү жайларга зыярат кылуучу киши (*мис. ажыга барган*).

**БОГОМО'ЛКА** *женск. р. к* **богомо́лец.**

**БОГОМО'ЛЬЕ** *ср. уст.* касиеттүү жайларга барып, зыярат кылуу.

**БОГОМО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* динчил, сопу чалыш, динге бек.

**БОГОСЛО'В** *м.* улама.

**БОГОСЛО'ВИЕ** *ср.* дин илими, дин ажыттарын үйрөтүүчү окуу.

**БОГОСЛО'ВСКИЙ,** -ая, -ое **богословие**-*ге т.*

**БОГОСЛУЖЕ'НИЕ** *ср. рел.* таат-ибадат (*чиркөөдө же мечитте ыймам же поптун намазды башкаруусу*).

**БОГОТВОРИ'ТЬ** *несов. кого-что* кудайындай көрүү, аздектөө, олуя көрүү.

**БОДА'ТЬ** *несов. кого-что* сүзүү.

**БОДА'ТЬСЯ** *несов.* сүзүү; сүзүшүү (*друг друга*).

**БОДЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое сүзөөгөн, сүзөөгөч, сүзөнөк; **бодли́вая коро́ва** сүзөнөк уй.

**БОДНУ'ТЬ** *однокр. кого-что* сүзүү; **бык бодну́л его́ два ра́за** аны бука эки жолу сүздү.

**БОДРИ'ТЬ** *несов. кого* сергитүү, көңүлдү ачуу; **моро́зец бодри́т** аяз сергитет.

**БОДРИ'ТЬСЯ** *несов.* сергүү, көңүлү ачылуу, куру кайрат көрсөтүү; **он бодри́тся, а на са́мом де́ле тру́сит** кайрат кылымыш болгону менен, ар жагында коркуп турат.

**БО'ДРО** *нареч.* кайраттуу, сергек, тың.

**БО'ДРОСТЬ** *ж.* жигер, угут, кайрат, сергектик; **бо́дрость ду́ха** духтун кайраттуулугу.

**БО'ДРСТВОВАНИЕ** *ср.* уктабоо, уктабай сергек болуу.

**БО'ДРСТВОВАТЬ,** *несов.* уктабоо; **бо́дрствовать всю ночь** түнү менен уктабай чыгуу.

**БО'ДРЫЙ,** -ая, -ое кайраттуу, сергек, тың; **бо́дрый стари́к** кайраттуу чал.

**БОДРЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **бодри́ть; 2.** *прил.* сергиткен, сергек кылган, көңүлдү ачкан; **бодря́щий моро́з** сергиткен аяз.

**БОДЯ'ГА** *ж. бот.* бодяга (*түзсүз суудагы губка*).

**БОДЯ'К** *м. бот.* көк тикен.

**БОЕВИ'К** *м.* боевик (**1.** *ист. кужурмөн революциячыл уюмдун мүчөсү*; **2.** *кино, разг. калкка эң жагымдуу кинокартина*).

www.bizdin.kg

**БОЕВО'Й,** -а́я, -о́е 1. бой 1-*ге т.*; согуштук; **боева́я мощь** согуш күчү; **боево́й това́рищ** согушта бирге болгон жолдош; **боева́я организа́ция** согуштук уюм; 2. *разг.* (*расторопный*) шамдагай, күжүрмөн; **боево́й па́рень** күжүрмөн азамат; ◇ **боева́я пружи́на** (*в оружии*) тепкич пружина; **боева́я зада́ча** күжүрмөн милдет; **боево́й дух** күжүрмөн дух.

**бо́ек** *кратк. ф. от* **бо́йкий.**

**БОЁК** *м.* 1. *тех.* (*молота*) буу менен урула турган чоң балканын мизи; 2. (*в оружии*) ургуч, пистон жаргыч.

**БОЕПИТА'НИЕ** *ср.* аскерлерди ок, снаряд, патрондор менен жабдуу.

**БОЕПРИПА'СЫ** *только мн.* ок-дары (*снаряд, патрон ж. б.*).

**БОЕСПОСО'БНОСТЬ** *ж.* согушка жөндөмдүүлүк, согушка жарамдуулук.

**БОЕСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое согушка жөндөмдүү, согушка мыкты; **боеспосо́бный отря́д** согушка жөндөмдүү отряд.

**БОЕ'Ц** *м.* боец, аскер.

**БО'ЖЕ** *межд.* кудайдын кудурети!, кудай ай!; **бо́же, как здесь краси́во!** кудайдын кудурети, бул жер эң эле кооз турбайбы!; **бо́же мой!** кудай ай!; **бо́же упаси́!** кудай сактасын!

**БОЖЕ'СТВЕННО** *нареч.* сонун, эң жакшы.

**БОЖЕ'СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. бог-*го*, религия-*га т.*; диний; **боже́ственные кни́ги** диний китептер; 2. *разг.* сонун, укмуштуу; **боже́ственный го́лос** укмуштуу сонун үн.

**БОЖЕСТВО'** *ср.* кудай, теңри.

**БО'ЖИЙ,** -ья, -ье бог-*го т.*; ◇ **бо́жья коро́вка** *зоол.* эл кайда көчөт (*коңуз*); **я́сно как бо́жий день** *разг.* даппдаана, апачык; **ка́ждый бо́жий день** *разг.* кудайдын куттуу күнү.

**БОЖИ'ТЬСЯ** *несов.* каргануу, «кудай урсун» деп каргануу

**БОЖО'К** *м.* 1. кичине буркан, кичине бут; 2. *перен.* (*любимец*) кудайдай көргөн (сүйгөн) киши.

**БОЙ** *м.* 1. (*сражение*) согуш, уруш, согушуу, салгылашуу, күрөш; **наступа́тельный бой** чабуулдуу салгылашуу; **оборони́тельный бой** коргонуу согушу; **морско́й бой** деңиз согушу; **возду́шный бой** аба согушу; **кла́ссовые бои́** тап күрөшү; **дать бой** салгылаша баштоо; **приня́ть бой** салгылашып кирүү; **взять с бо́ю** 1) салгылашып алуу; 2) *перен.* күч менен талашып алуу; **взять без бо́я** урушсуз алуу; 2. (*избиение*) уруу, сабоо; **бить сме́ртным бо́ем** өлөрдөй уруу, өлөрчө кылып сабоо; 3. (*борьба, состязание, поединок*) сүзүштүрүү, тебиштирүү, мушташуу; **бой быко́в** бука сүзүштүрүү; **бой петухо́в** короз тебиштирүү; **кула́чный бой** мушташуу; 4. (*битое стекло и пр.*) сынган, талкаланган; **в я́щике с посу́дой оказа́лось мно́го бо́я** идиш салган ящикте далай идиш талкаланган экен; 5. (*звон*) согуу, уруу; **бой часо́в** сааттын согушу; **бараба́нный бой** барабан уруу; ◇ **у э́того ружья́ хоро́ший бой** бул мылтык жакшы тиет.

**бойка́** *род. п. от* **боёк.**

**БО'ЙКИЙ,** -ая, -ое 1. (*расторопный*) шамдагай, күжүрмөн; **бо́йкий па́рень** шамдагай азамат; 2. (*оживлённый*) жандуу, кыжылдаган; **бо́йкая у́лица** жандуу көчө, кыжылдаган көчө; ◇ **бо́йкое перо́** жазууга уста; **бо́йкая торго́вля** кызуу соода; **бо́ек на слова́х** сөзгө чечен.

**БО'ЙКО** *нареч.* токтолбостон, шар, шыпылдатып; **он бо́йко говори́т по-кирги́зски** ал кыргызча шар сүйлөйт.

**БО'ЙКОСТЬ** *ж.* 1. (*расторопность*) шамдагайлык, күжүрмөндүк; 2. (*оживлённость*) жандуулук.

**БОЙКО'Т** *м.* бойкот (*айрым адамдар, уюм же мамлекет тарабынан өз ара мамилени токтотуп салуу; бул — саясий жана экономикалык күрөш жүргүзүүнүн бир ыгы*); **объяви́ть бойко́т** бойкот жарыялоо.

**БОЙКОТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* бойкот жасоо, бойкот кылуу.

**БОЙНИ'ЦА** *ж. воен.* бойница (*крепосттун* (*сепилдин*) *боорундагы мылтык, пулемёт ж. б. атуучу тешик*).

**БО'ЙНЯ** *ж.* 1. (*место убоя скота*) кушкана; 2. *перен.* кыргын; кырылыш.

**бо́йся, бо́йтесь** *повел. накл. от* **боя́ться.**

**бойца́** *род. п. от* **боец.**

**БОК** *м.* каптал, жан; жак (*сторона*); **у меня́ ко́лет в боку́** менин капталым сайгылашып ооруп турат; **вьюк свеси́лся на ле́вый бок** жүк сол жакка ооп калды; ◇ **бок о́ бок** жанаша, катар; **лежа́ть на боку́** *разг.* (*бездельничать*) бекер жүрүү; **по́д боком** *разг.* эң жакын, жанында; **взять за бока́** *разг.* асылуу, кекиртектеп алуу; **перева́ливаться с бо́ку на́ бок** (*при ходьбе*) оонап басуу, чайкалып басуу, өрдөкчө басуу; **сомне́ния по́ боку!** *разг.* ыргылжыңды кой!

**БОКА'Л** *м.* бокал (*чоң рюмка*); **подня́ть бока́л** *за кого-л.* *бирөөгө арнап* бокал көтөрүү.

**БОКОВО'Й,** -а́я, -о́е каптал жак, жан жак; **бокова́я пове́рхность** каптал жак бети; ◇ **отпра́виться на бокову́ю** *разг.* уктоо, жантаюу; **пора́ на бокову́ю** жантаяр убак болду; **по боково́й ли́нии** (*о родстве*) кыйыр тууган.

**БО'КОМ** *нареч.* 1. бир жак жаны менен, капталы менен; **проти́снуться в дверь бо́ком** эшикке капталы менен кирүү; 2. *разг.* (*стороной*) айланып, кыйгачтап, кыйчалыштап.

**БОКС** *м. спорт.* бокс (*спорт оюнунда мушташтын бир түрү*).

**БОКСЁР** *м.* боксёр (*бокс иши менен иришкен спортчу*).

**БОКСЁРСКИЙ,** -ая, -ое **боксёр**-*го т.*; боксёрдук; **боксёрская перча́тка** боксёр мээлейи.

**БОКСИ'РОВАТЬ** *несов.* бокс менен иришүү.

**БОКСИ'Т** *м. мин.* боксит (*алюминий табылуучу чопонун бир түрү*).

**БОЛВА'Н** *м. разг.* акмак, аңкоо.

**БОЛВА'НКА** *ж.* 1. *тех.* сом металл; сомдолгон темир; 2. шляпанын кеби; кеп жыгач.

**БОЛГА'РИН** *м.* болгар.

**БОЛГА'РКА** *женск. р. к* **болга́рин;** болгарка.

**БОЛГА'РСКИЙ,** -ая, -ое **Болгария**-*га*, **болгарин**-*ге т.*; **болга́рский язы́к** болгар тили.

**БОЛГА'РЫ** *мн.* болгарлар.

**БОЛЕВО'Й,** -а́я, -о́е **боль**-*га т.*; **болевы́е ощуще́ния** оорунун сезилиши.

**БО'ЛЕЕ** *нареч.* 1. (*больше*) артык; **не бо́лее чем на оди́н день** бир күндөн көп эмес; **всё бо́лее и бо́лее** улам барган сайын ...; 2. (*служит для образования сравн. ст.*) =раак (*салыштырма сын түзүү үчүн кызмат кылат*); **бо́лее си́льный** күчтүүрөөк; **бо́лее гро́мко** катуураак (*үн менен*); ◇ **бо́лее и́ли ме́нее удовлетвори́тельный** аздыр-көптүр канааттанарлык; **не бо́лее и не ме́нее как** ... ...дал өзү; ...дал.

**БОЛЕ'ЗНЕННО** *нареч.* жаман алып, катуу азаптанып; **боле́зненно пережива́ть** катуу кайгы тартуу.

**БОЛЕ'ЗНЕННОСТЬ** *ж.* 1. (*слабое здоровье*) оорукчандык; 2. (*ощущение боли*) ооруу, ооруганы сезилүү.

**БОЛЕ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. оорулуу, оорукчан; **в боле́зненном состоя́нии** оорулуу абалда; **боле́зненный ребёнок** оорукчан бала; **уку́сы осы́ боле́зненны** аары оорутуп чагат; 2. *перен.* жаман, тескери, өзүнө алуу, оор сезүү; **боле́зненное самолю́бие** тез кырт дей түшмөлүк.

**БОЛЕЗНЕТВО'РНЫЙ,** -ая, -ое ооруткуч, оорутуучу, оору жуктургуч; **болезнетво́рные микро́бы** оору жуктургуч микробдор.

**БОЛЕ'ЗНЬ** *ж.* оору, ноокас, сыркоо; **зара́зная боле́знь** жугуштуу оору.

**БОЛЕ'ЛЬЩИК** *м. разг.* ышкыбоз, жанга күйөр, күйөрмөн (*спортсмендердин камын жеп, алар үчүн күйүп-бышкан киши*).

www.bizdin.kg

**БОЛЕРО'** *ср.* болеро (*испан бийи*).

**БОЛЕ'ТЬ** *несов.* **1.** ооруу, ооруп калуу, ноокастоо, сыркоолоо, сыркоолоп калуу; **2.** (*испытывать боль*) ооруу (*денемин бир жери какшоо*); **что у тебя боли́т?** сенин эмнең ооруйт?; **у меня боли́т у́хо** кулагым ооруйт; **у него́ боля́т зу́бы** анын тиши ооруйт; **3.** *о ком-чём, за кого-что, перен.* кайгыруу, тынчсыздануу, күйүп-бышуу; **он боле́ет душо́й за ребёнка** ал бала үчүн күйүп-бышат.

**БОЛЕУТОЛЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** ооруган жерди басуучу; **болеутоля́ющее лека́рство** ооруну басуучу дары; **2.** *в знач. сущ. ср.* ооруну басуучу дары.

**БОЛИГОЛО'В** *м. бот.* уу балтыркан.

**БОЛИ'Д** *м. астр.* болид (*учуп түшүүчү жылдыз*).

**БОЛО'НКА** *ж.* болонка (*кандек иттин бир түрү*).

**БОЛО'ТИСТЫЙ,** -ая, -ое саздак, саздуу; **боло́тистая ме́стность** саздак жер.

**БОЛО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **болото**-*го т.*; **боло́тная пти́ца** саз кушу; **боло́тная лихора́дка** саз безгеги; **боло́тный газ** *хим.* саз газы.

**БОЛО'ТО** *ср.* **1.** саз; **2.** *перен.* саз.

**БОЛТ** *м. тех.* болт (**1.** *эки башы бурама бөрктүү стержень*; **2.** *чоң бурама*).

**БОЛТА'ТЬ** I *несов. чем* салаңдатуу, салактатуу; **болта́ть нога́ми** бутту салаңдатуу.

**БОЛТА'ТЬ** II *несов. разг.* **1.** келжирөө, көп сүйлөө; **2.** (*на каком-л. языке*) балдыроо; **болта́ть по-францу́зски** французча (чала билип) балдырамыш болуу.

**БОЛТА'ТЬСЯ** *несов. разг.* **1.** (*свисая качаться*) салаңдоо, салбыроо, шөлбүрөө; **2.** (*слоняться*) бекер жүрүү, бош жүрүү.

**БОЛТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* келжиректик, сүйлөөктүк.

**БОЛТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое келжирек, сүйлөөк.

**БОЛТНУ'ТЬ** *однокр.* келжиреп коюу; *см.* **болта́ть** II 1.

**БОЛТОВНЯ'** *ж.* келжирек, тантык, калжырак.

**БОЛТУ'Н** I *м. разг.* келжирек, сүйлөөк.

**БОЛТУ'Н** II *м.* (*неплодное яйцо*) сасык, чириген (*жумуртка*).

**БОЛТУ'НЬЯ** *женск. р. к* **болту́н** I.

**БОЛТУ'ШКА** *ж. см.* **болту́нья.**

**БОЛЬ** *ж.* **1.** оору; **зубна́я боль** тиш оору; **2.** *перен.* сыздоо; **я э́то говорю́ с бо́лью в се́рдце** бул сөздү мен, жүрөгүм сыздап, айтып жатам.

**БОЛЬНИ'ЦА** *ж.* оорукана.

**БОЛЬНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **больница**-*га т.*; **больни́чный врач** оорукана врачы; **больни́чный лист** оорулуу кишиге врачтын берген кагазы.

**БО'ЛЬНО** I **1.** *нареч.* оорутуп, кокустатып; **бо́льно ушиби́ть ру́ку** колун оорутуп алуу; **2.** *безл. в знач. сказ. кому-чему и с неопр.* жанга батып; **ему́ бо́льно** анын жанына батып турат; **мне бо́льно дыша́ть** дем алсам, ооруп жатат; **3.** *безл. в знач. сказ. перен.* ич күйүп, ыза болуп; **бо́льно вспо́мнить** ойлосо, ич күйөт.

**БО'ЛЬНО** II *нареч. прост.* (*очень*) эң эле, өтө эле; **бо́льно ты хитёр** өтө эле куу экенсиң; **бо́льно ну́жно мне!** мага эмне кереги бар!

**БОЛЬНО'Й,** -а́я, -о́е **1.** оору, оорулуу, ноокас, сыркоолуу; **чем он бо́лен?** эмне оорусу бар?; **больно́е ме́сто** 1) оорулуу жер; 2) *перен.* кычыктуу жери, начар жагы; **недоста́ток образова́ния — его́ больно́е ме́сто** билиминин аздыгы — анын начар жагы; **2.** *в знач. сущ. м., ж.* ноокас киши, оору киши, сыркоо киши; ◇ **больно́й вопро́с** кычыктуу маселе.

**БО'ЛЬШЕ** **1.** *сравн. ст. от прил.* **большо́й** -тон чоң; **го́род Фру́нзе бо́льше Токмака́** Фрунзе шаары Токмоктон чоң; **2.** *сравн. ст. от нареч.* **мно́го** I артык, көп; **в апре́ле я зарабо́тал на сто рубле́й бо́льше, чем в ма́рте** март айына караганда апрелде мен жүз сом артык таптым; **3.** *нареч.* (*сильнее*) көбүнчө, көбүрөөк; **э́то мне бо́льше нра́вится** бул мага көбүрөөк жагат; **4.** *в отриц. предложениях* (*далее, вперёд*) эми, мындан ары, мунун үстүнө, мындан кийин; **бо́льше не могу́ пить** мунун үстүнө дагы иче албайм; **я бо́льше не пое́ду к нему́** мен мындан ары ага барбаймын; ◇ **бо́льше того́** анысы аз келгенсип, ал гана эмес, ал эле эмес; **как мо́жно бо́льше** мүмкүн болушунча көбүрөөк.

**БОЛЬШЕВИ'ЗМ** *м.* большевизм.

**БОЛЬШЕВИ'К** *м.* большевик.

**БОЛЬШЕВИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое большевиктик.

**БОЛЬШЕГЛА'ЗЫЙ,** -ая, -ое бакыраң көз.

**БОЛЬШЕГОЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое чоң баш, башы чоң.

**БО'ЛЬШИЙ,** -ая, -ее *сравн. ст. от прил.* **большо́й** *и* **вели́кий** чоң, көп; **я рассчи́тывал на ещё бо́льшую по́мощь** мен мындан да көп жардам болотко дедим эле; ◇ **бо́льшей ча́стью, по бо́льшей ча́сти** көбүнесе, көбүнчө; **са́мое бо́льшее** эң эле көп дегенде.

**БОЛЬШИНСТВО'** *ср.* көп, көпчүлүк; **большинство́ голосо́в** добуштун көпчүлүгү; **в большинстве́ слу́чаев** көп учурларда.

**БОЛЬШО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*крупный*) чоң; **большо́й дом** чоң үй; **2.** (*длинный*) узун; **большо́й рост** узун бой; **3.** (*значительный*) жеткилең, сонун; барып турган; **большо́й учёный** жеткилең окумуштуу; **4.** (*многочисленный*) чоң, калың, көп; **больша́я толпа́** калың топ; **больша́я семья́** чоң үй-бүлө; **5.** *в знач. сущ. м., ж.* (*взрослый*) чоңойгон, бойго жеткен; **когда́ ста́нешь больши́м, полу́чишь ружьё** чоңойгондо мылтык аласың; ◇ **большо́й па́лец** баш бармак; **с большо́й бу́квы** баш тамга менен; **с больши́м удово́льствием** чоң кубаныч менен; **большо́е спаси́бо** чоң ыракмат; **де́лать больши́е глаза́** көзүн чоң ачып кароо; **быть в большо́м ходу́** ардактуу болуу.

**БОЛЯ'ЧКА** *ж.* жара, ыҫык.

**БО'МБА** *ж.* бомба (*жарылма снаряд*); **а́томная бо́мба** атомдук бомба, атом бомбасы; ◇ **влете́ть бо́мбой (как бо́мба)** аткан октой кирип келүү; **вы́лететь бо́мбой** аткан октой чыгып кетүү.

**БОМБАРДИРОВА'ТЬ** *несов. кого-что* **1.** бомбалоо, замбирек менен аткылоо; **2.** *перен.* жаадыруу; **бомбардирова́ть пи́сьмами** катты жаадыра берүү.

**БОМБАРДИРО'ВКА** *ж.* бомбалоо, замбирек менен аткылоо.

**БОМБАРДИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **бомбардировка**-*га т.*; бомбалоочу; **бомбардиро́вочная авиа́ция** бомбалоочу авиация.

**БОМБАРДИРО'ВЩИК** *м. ав.* бомбардировщик (*бомбалоочу самолёт, бомба таштоочу самолёт*).

**БОМБЁЖКА** *ж. разг.* бомбалоо, бомба таштоо.

**БОМБИ'ТЬ** *несов. кого-что* бомбалоо, бомба таштоо.

**БОМБОВО'З** *м. ав.* бомбовоз (*бомба таштоочу самолёт*; *см.* **бомбардиро́вщик**).

**БОМБОМЁТ** *м.* бомбомёт (*бомба ыргытуучу замбирек*).

**БОМБОМЕТА'НИЕ** *ср.* бомба ыргытуу.

**БОМБОУБЕ'ЖИЩЕ** *ср. воен.* бомбоубежище (*бомбадан коргонуучу жай*).

**БО'НДА'РЬ** *м.* бочкачы, челекчи.

**БОНИТИРО'ВКА** *ж.* бонитировка, бир нерсенин сапатына берилген баа; **бонитиро́вка ове́ц** койдун сапатына берилген баа.

**БО'НЫ** *мн.* (*ед.* **бо́на** *ж.*) бона (**1.** *бир баалуу нерсени алууга укук берүүчү документ*; **2.** *жергиликтүү бийлик тарабынан чыгарылган убактылуу кагаз акча*).

**БОР** I *м.* бор (*кызыл карагайлуу токой*); ◇ **с бо́ру да с со́сенки** *погов.* кайдагы ар кошкондон куралган.

**БОР** II *м. хим.* бор (*химиялык элемент*).

**БОР** III *м. мед.* бор; *см.* **бормаши́на.**

**БОРА'** *ж. метеор.* бора (*деңиз жээктериндеги ызгаардуу катуу шамал*).

**БОРДО'** *прил. неизм.* кочкул кызыл.

**БОРДЮ'Р** *м.* жээк (*мис. шырдактын, кездеменин жээги*).

www.bizdin.kg

**БОРЕ'Ц** *м.* 1. *спорт.* балбан (*күрөшкө машыккан*); 2. каарман, күрөшүүчү; **борцы́ за мир** тынчтык үчүн күрөшүүчүлөр.
**БОРЖО'М** *м.* боржом (*Кавказдын минералдуу сууларынын бир түрү*).
**БОРЗА'Я** *ж. охот.* тайган.
**БОРЗОПИ'СЕЦ** *м. ирон.* тез жана сапатсыз жаман жазган автор.
**БО'РЗЫЙ: бо́рзый конь** *поэт. уст.* күлүк ат, жигит аты.
**БОРМАШИ'НА** *ж. мед.* бормашина (*тиш доктору колдонуучу тиш өзөгүн бургулоочу машина*).
**БОРМОТА'НИЕ** *ср.* кобуроо, күбүрөө.
**БОРМОТА'ТЬ** *несов. что* кобуроо, күбүрөө.
**БО'РНЫЙ,** -ая, -ое **бор** II-*ге т.*; борный; **бо́рный вазели́н** борный вазелин; **бо́рная кислота́** бор кислотасы.
**БО'РОВ** I *м.* каман (*чочконун биттелген эркеги*).
**БО'РОВ** II *м.* (*часть дымохода*) мештин түтүн чыкчуу тешигиндеги моюн жагы.
**БОРОВИ'К** *м.* ак козу карын.
**БОРОДА'** *ж.* сакал.
**БОРОДА'ВКА** *ж.* сөөл.
**БОРОДА'ТЫЙ,** -ая, -ое сакалдуу, сакалы бар.
**БОРОДА'Ч** *м. разг.* жашап калган сакалдуу киши.
**БОРО'ДКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **борода́** кичинекей сакал, чокчо сакал; 2. (*у ключа*) ачкычтын урчугу.
**БОРОЗДА'** *ж.* бороздой, бороздо (*соконун тилип кеткен жолу*).
**БОРОЗДИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*оставлять борозду, полосу*) бороздой салуу, бороздо салып кетүү; 2. *перен.* из калтыруу; **ло́дка борозди́ла зерка́льную пове́рхность о́зера** көлдүн күзгүдөй бетине кайык из калтырды; 3. (*покрывать бороздами*) каршы-терши кесип өтүү, кыйма-чийме болуп жатуу; **морщи́ны борозди́ли его́ лоб** *перен.* анын маңдайын бырыш басқан.
**БОРОНА'** *ж.* мала.
**БОРОНИ'ТЬ** *несов. что* мала тартуу, малалоо.
**БОРОНОВА'НИЕ** *ср.* мала тартуу, малалоо.
**БОРОНОВА'ТЬ** *несов. см.* **борони́ть.**
**БОРОНЬБА'** *ж. см.* **боронова́ние.**
**БОРО'ТЬСЯ** *несов.* 1. *с кем* күрөшүү, кармашуу; 2. *с кем-чем, за кого-что, перен.* күрөшүү; **боро́ться за мир** тынчтык үчүн күрөшүү; **боро́ться за досро́чное выполне́ние пла́на** планды мөөнөтүнөн мурун орундоо үчүн күрөшүү; **боро́ться с отста́лостью** артта калгандык менен күрөшүү.
**БОРТ** *м.* 1. (*судна, автомобиля или самолёта*) борт, каптал, жан (*кеменин, автомобилдин жана самолёттун каптал жагы*); **на борту́** кеменин ичинде, кемеде; **вы́кинуть за́ борт** 1) ыргытып таштоо, жаратпай салуу; 2) *перен.* четке чыгаруу, сандан чыгаруу, кеп-кеңештен чыгаруу; **оказа́ться за бо́ртом** 1) сууга түшүп калуу, сууда калуу; 2) *перен.* кепте (кеңеште) жок калуу; 2. (*бильярдного стола*) курбу; 3. (*одежды*) борт (*кийимдин жакасынын жээги*).
**БОРТМЕХА'НИК** *м. ав.* бортмеханик (*лётчиктин жардамчы механиги*).
**БО'РТНИЧЕСТВО** *ср.* токой бал челекчилиги (*жыгачтын боорун оюп, аары асыроо*).
**БОРТОВО'Й,** -а́я, -о́е **борт** 1-*ко т.*; борттук; **бортово́й журна́л** борт журналы (*кеменин же самолёттун күндөлүк дептери*); ◇ **бортова́я ка́чка** туурадан болгон толкун.
**БОРТПРОВОДНИ'К** *м.* бортпроводник (*граждандык аба флотунда кызмат кылуучу, самолётто тартиптин болушуна көз салып, пассажирлерди тейлөөчү адам*).
**БОРТПРОВОДНИ'ЦА** *женск. р. к* **бортпроводни́к;** бортпроводница.
**БОРЩ** *м.* борщ (*кызылча, капуста салган сорпо*).
**БОРЩЕВИ'К** *м. бот.* аюу балтыркан (*отоо өсүмдүктүн бир түрү*).
**БОРЬБА'** *ж.* 1. күрөш, кармаш; **соревнова́ния по борьбе́** күрөш боюнча мелдеш; 2. күрөш; **кла́ссовая борьба́** тап күрөшү; **борьба́ за мир** тынчтык үчүн күрөш.
**БОСИКО'М** *нареч.* жыңайлак, жыңалаяк.
**БОСО'Й,** -а́я, -о́е жыңайлак, жыңалаяк; **босо́й мальчуга́н** жыңайлак бала; **на босу́ но́гу** коңултак.
**БОСОНО'ГИЙ,** -ая, -ое жыңайлак, жыңалаяк.
**БОСОНО'ЖКИ** *мн.* (*ед.* **босоно́жка** *ж.*) босоножка (*аялдардын жеңил туфлиси*).
**БОСТО'Н** *м.* бостон (1. *карта ойну*; 2. *танецтин бир түрү*; 3. *жүндөн согулган кездеменин бир түрү*).
**БОСЯ'К** *м.* тентимиш (*табынан ажыраган томаяк*).
**БОТ** *м. мор.* сыңар мачталуу кичине кеме.
**БОТА'НИК** *м.* ботаник (*ботаника менен иришүүчү окумуштуу*).
**БОТА'НИКА** *ж.* ботаника (*өсүмдүктөр жөнүндөгү илим*).
**БОТАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **ботаника**-*га т.*; ботаникалык; **ботани́ческий сад** ботаникалык бак.
**БОТВА'** *ж.* ботва (*тамыры жемиш өсүмдүктөрдүн сабагы менен жалбырагы*).
**БОТВИ'НЬЯ** *ж.* бышырылган жашылча жана балыкка квас кошулган муздак тамак.
**БО'ТИКИ** *мн.* (*ед.* **бо́тик** *м.*) *см.* **бо́ты.**
**БОТИ'НКИ** *мн.* (*ед.* **боти́нок** *м.*) ботинки, батинке.
**БО'ТЫ** *мн.* (*ед.* **бот** *м.*) боты (*батинкенин сыртынан кийүү үчүн резина же кийизден жасалган кончтуу бут кийим*).
**БО'ЦМАН** *м.* боцман (*флотто чарба жагын башкаруучу кенже командир*).
**БОЧА'Р** *м.* бочкачы, челекчи.
**БОЧА'РНЫЙ,** -ая, -ое **бочар**-*га т.*; **боча́рное ремесло́** челекчилик кесиби.
**БО'ЧКА** *ж.* бочка (*суюк нерселер куюла турган тегерек түптүү чоң жыгач челек*).
**БОЧКО'М** *нареч. разг.* 1. капталы менен; 2. *перен.* (*нерешительно*) бүжүрөңдөп, коркуңкурап.
**БОЧО'НОК** *м.* кичинекей бочка.
**БОЯЗЛИ'ВО** *нареч.* чочулап, коркуп, коркуңкурап, кооптонуп.
**БОЯЗЛИ'ВОСТЬ** *ж.* коркоктук.
**БОЯЗЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое коркок.
**БОЯ'ЗНЬ** *ж.* кооптонуу, коркуу.
**БОЯ'РИН** *м. ист.* боярин, бояр (*Москва Русунда — үстөмдүк кылуучу жогорку сословиеге тиешелүү ири жер ээси*).
**БОЯ'РСКИЙ,** -ая, -ое **боярин**-*ге т.*; **боя́рская ду́ма** боярлар думасы (*16-17 кылымдагы Москва падышасынын алдындагы боярлардын кеңеши*).
**БОЯ'РСТВО** *ср. собир. ист.* боярлар.
**БОЯ'РЫНЯ** *женск. р. к* **боя́рин;** боярыня (*боярдын аялы*).
**БОЯ'РЫШНИК** *м. бот.* долоно.
**БОЯ'РЫШНЯ** *ж. ист.* боярышня (*бояриндин күйөөгө чыга элек кызы*).
**БОЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *кого-чего и с неопр.* коркуу; **бою́сь простуди́ться** суук тийип калабы деп корком; **бою́сь, что он не прие́дет** ал келбей калат деп коркомун; **бою́сь, как бы он не прие́хал** келип калбагай эле деп корком; 2. *чего* (*портиться*) бузулуу, чыдабоо; **фане́рные изде́лия боя́тся сы́рости** фанерадан жасалган буюмдар нымдан бузулат (нымга чыдабайт).
**БРАВА'ДА** *ж.* куру кайрат, жөнү жок эрдик.
**БРАВИ'РОВАНИЕ** *ср.* баатырсынуу, жөнү жок эрдик кылуу.
**БРАВИ'РОВАТЬ** *несов. чем* ыгы жок кайрат көрсөтүү, баатырсынуу, жөнү жок эрдик кылуу.
**БРА'ВО** *межд.* баракелде, сонун.

www.bizdin.kg

**БРАВУ'РНЫЙ,** -ая, -ое закылдаган, зыкылдаган, ажылдаган; **бравурный марш** зыкылдаган марш.
**БРА'ВЫЙ,** -ая, -ое тың, зыңкыйган, кайраттуу; **бра́вый мужчи́на** зыңкыйган эркек.
**БРА'ГА** *ж.* брага (*пивонун бир түрү*).
**БРАЗДЫ'** *мн.*: **бразды́ правле́ния** бийлик, башкаруу; он при́нял **бразды́ правле́ния** ал бийликти колуна алды.
**БРАК I** *м.* нике; үйлөнүү (*женитьба*); күйөөгө чыгуу (*замужество*); *уст.* нике кыюу; **вступи́ть в брак** үйлөнүү (*о мужчине*); күйөөгө чыгуу (*о женщине*); **они́ состоя́т в бра́ке** алар эрди-катын болуп турушат.
**БРАК II** *м.* брак, кемчилик; **сапоги́ с бра́ком** кемчилиги бар өтүк; **литерату́рный брак** адабият брагы.
**БРАКЕРА'Ж** *м. ком.* бракераж (*өндүрүлгөн товарлардын кемчилигин белгилөө үчүн карап чыгуу*).
**БРАКО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **бракова́ть**; **2.** *прил.* брак кылынган, бракка чыгарылган, кемчилиги бар; **брако́ванный това́р** брак кылынган товар.
**БРАКОВА'ТЬ** *несов. что* бракка чыгаруу, жаратпай салуу.
**БРАКО'ВКА** *ж.* бракка чыгаруу, жаратпай салуу.
**БРАКО'ВЩИК** *м.* браковщик (*бракка чыгаруучу специалист*).
**БРАКО'ВЩИЦА** *женск. р. к* **брако́вщик.**
**БРАКОДЕ'Л** *м.* бракчы, брак жасоочу.
**БРАКОНЬЕ'Р** *м.* браконьер (*уруксат кылынбаган уучулук, аңчылык кылган киши*).
**БРАКОНЬЕ'РСТВО** *ср.* браконьерчилик (*уучулук, аңчылык жөнүндөгү законду бузуучулук*).
**БРАКОРАЗВО'ДНЫЙ,** -ая, -ое: **бракоразво́дный проце́сс** *юр.* ажырашуу процесси.
**БРАКОСОЧЕТА'НИЕ** *ср. уст.* нике кыюу.
**БРАМИ'Н** *м.* брамин (*Индияда жрецтердин жогорку кастасынын мүчөсү*).
**БРАНДВА'ХТА** *ж. мор.* брандвахта (*порттогу кароолдо туруучу кеме*).
**БРАНДМЕ'ЙСТЕР** *м. уст.* брандмейстер (*өрт өчүрүүчүлөр бөлүгүнүн начальниги*).
**БРАНДСПО'ЙТ** *м.* брандспойт (**1.** *өрт насосу*; **2.** *өрт насосунун учундагы металл түтүк*).
**БРАНИ'ТЬ** *несов. кого-что* тилдөө, урушуу, жемелөө.
**БРАНИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*ссориться*) тилдөө, урушуу; **2.** (*бранить друг друга, ругаться*) тилдешүү, боктошуу, жемелешүү.
**БРА'ННЫЙ I,** -ая, -ое (*ругательный*) богооз; **бра́нное сло́во** богооз сөз.
**БРА'ННЫЙ II,** -ая, -ое *уст.* (*воинский*) **брань** II-*ге т.*; **бра́нные доспе́хи** согуш жарак-жабдыктары.
**БРАНЧЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* көп жеме.
**БРАНЬ I** *ж.* (*ругань*) тилдөө.
**БРАНЬ II** *ж. уст.*: **на по́ле бра́ни** согуш майданында.
**БРАСЛЕ'Т** *м.* билерик.
**БРАСС** *м. спорт.* брасс (*сууда чабак уруунун бир түрү*).
**БРАТ** *м.* **1.** бир тууган, уялаш тууган; **ста́рший брат** ага; **мла́дший брат** ини; **2.** *разг.* (*при обращении*) тууган; **я, брат, э́того не понима́ю** тууган, мен буга түшүнбөдүм; ◇ **наш брат** *разг.* биз өңдүүлөр; **ваш брат** *разг.* силер өңдүүлөр; **свой брат** *разг.* өз киши; **на бра́та** *разг.* киши башына; **по пяти́ рубле́й на бра́та** киши башына беш сомдон.
**БРАТА'НИЕ** *ср.* туугандашуу.
**БРАТА'ТЬСЯ** *несов. с кем* туугандашуу.
**БРА'ТЕЦ** *м. ласк. от* **брат** 1 агатай (*старший*); иничек (*младший*).
**БРАТИ'ШКА** *м. разг.* **1.** (*маленький брат*) иничек, үке; **2.** (*при обращении*) тууган, бурадар, агайын.
**БРА'ТНИН,** -а, -о *разг.* туугандын, туугандыкы; **бра́тнин сын** бир тууганымдын уулу.
**БРАТОУБИ'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое тууган өлтүргүч, боордошту өлтүрүүчү.
**БРАТОУБИ'ЙСТВО** *ср.* тууганды өлтүрүүчүлүк, боордошту өлтүрүүчүлүк.
**БРАТОУБИ'ЙЦА** *м.* тууганын өлтүргөн, боордошун өлтүргөн.
**БРА'ТСКИ** *нареч.* тууганча, боордошчо.
**БРА'ТСКИЙ,** -ая, -ое брат-*ка т.*; туугандык, бир тууганддык; **бра́тские компа́ртии** бир тууган компартиялар; **бра́тское чу́вство** тууганддык сезим; **бра́тские респу́блики** бир тууган республикалар; **бра́тский приве́т** бир туугандык салам.
**БРА'ТСТВО** *ср.* туугандык, бир туугандык, боордоштук.
**БРАТЬ** *несов. кого-что* алуу, кармоо; *см.* **взять**; ◇ **бери́ впра́во** оңго карай жүр; **моё ружьё далеко́ берёт** менин мылтыгым ыраакка тиет; **нож тупо́й, не берёт** бычак мокок экен, өтпөй жатат; **брать барье́р** барьерден ыргып (секирип) өтүү; **он берёт хи́тростью** ал амал менен алат; **брать на прице́л** мээлөө, шыкаалоо; **брать верх** үстөм келүү, жеңүү; **брать за́ сердце** жүрөккө муң түшүрүү; **брать на себя́** милдеттүү болуу; **брать нача́ло** башталуу; **брать по́д руку** колтуктоо; **брать** *чью-л.* **сто́рону** *бирөөгө* болушуу; **меня́ берёт сомне́ние** шегим бар; **брать на учёт** учётко алуу; **брать напрока́т** *см.* **напрока́т**; **брать приме́р** *с кого-л.* бирөөдөн үлгү алуу.
**БРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *за что* (*брать, хватать что-л.*) кармашуу; **де́ти в игре́ беру́тся за́ руки** оюнда балдар кол кармашат; **2.** *за что и с неопр.* (*приниматься*) киришүү; алуу; **бра́ться за рабо́ту** ишке киришүү; **бра́ться за ору́жие** колго курал алуу; ◇ **бра́ться за ум** акылга келүү; **не беру́сь суди́ть** паландай деп айта албайм; **отку́да у тебя́ беру́тся си́лы?** сенин күчүң кайсы ай, мунуң кайдагы күч?, сенин күчүң кайдан чыгып атат?
**БРА'УНИНГ** *м.* браунинг (*тапанчанын бир түрү*).
**БРАХИЦЕФА'Л** *м. антр.* брахицефал (*тоголок баштуу киши*).
**БРАХМА'Н** *м. см.* **брами́н.**
**БРА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **брак** I-*ге т.*; **бра́чное свиде́тельство** нике күбөлүгү; **бра́чное ло́же** эрди-катын төшөгү.
**БРА'ШПИЛЬ** *м. мор.* брашпиль (*кемедеги якорь көтөргүч*).
**БРЕВЕ'НЧАТЫЙ,** -ая, -ое устундан жасалган; **бреве́нчатый дом** устундан жасалган үй.
**БРЕВНО'** *ср.* (*мн.* **брёвна**) жоон жыгач, устун.
**БРЕД** *м.* **1.** жөөлүү; **больно́й в бреду́** оору жөөлүп жатат; **2.** *перен.* сандырак, калжырак.
**БРЕ'ДЕНЬ** *м.* бредень (*эки киши эки башынан тартып жүрүп, балык кармай турган тор*).
**БРЕ'ДИТЬ** *несов.* **1.** жөөлүү; **больно́й бре́дил всю ночь** оору түнү бою жөөлүп чыкты; **2.** *кем-чем, перен.* ... деп эле жүрүү; **он бре́дит теа́тром** ал театр деп эле жүрөт.
**БРЕ'ДНИ** *только мн.* сандырак, болбогон келжирек, куру кыял.
**БРЕДОВО'Й,** -а́я, -о́е **1.** жөөлүгөн; **2.** *перен.* (*нелепый*) сандырактаган, жокту-барды сүйлөп жүргөн.
**БРЕ'ЗГАТЬ** *несов. кем-чем и с неопр.* жийиркенүү; **он ниче́м не бре́згает** эч нерседен жийиркенбейт.
**БРЕЗГЛИ'ВОСТЬ** *ж.* жийиркенүүчүлүк, жийиркенчектик.
**БРЕЗГЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое жийиркенчек, жийиркенгич.
**БРЕЗЕ'НТ** *м.* брезент (*суу өткөрбөй турган калың кендир*).
**БРЕЗЕ'НТОВЫЙ,** -ая, -ое **брезент**-*ке т.*; **брезе́нтовый плащ** брезент плащ.
**БРЕ'ЗЖИТЬ** *несов.* **1.** (*рассветать*) таң кулан өөк салуу; агаруу; **2.** (*едва светиться*) үлпүлдөп жарык көрүнүү, бүлбүлдөп жарык көрүнүү; жылтылдоо; **в степи́ чуть бре́зжил огонёк** талаадан бүлбүлдөгөн жарык көрүндү.

www.bizdin.kg

**БРЕ'ЗЖИТЬСЯ** *несов. см.* **брéзжить.**

**БРЕЛО'К** *м.* желбирөөч, салаңдооч (*сааттын чынжырына кооздук үчүн жасалган кичинекей желбирөөч*).

**БРЕ'МЯ** *ср.* оордук, жүк (*көбүнчө өтмө маанide колдонулат*); **брéмя забóт** түйшүктүн оордугу; ◇ **под брéменем** *чего-л.* эзилүү астында; **разрешúться от брéмени** төрөө, бала төрөө.

**БРЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* чириген, чирип бүткөн (*тленный*); опасыз, жалган, өтө турган (*преходящий*); **брéнные остáнки** чириген дене, чириген сөөк.

**БРЕНЧА'ТЬ** *несов.* **1.** *чем* (*позванивать*) шылдыроо, кылдыроо, шыңгыроо, шыңгыратуу; **2.** *на чём, разг.* (*неумело играть*) дыңгыратуу; **бренчáть на рояле** роялды дыңгыратуу.

**БРЕСТИ'** *несов.* илээлеп басуу, илкип басуу, сандалып басуу, жайбаракат басуу.

**БРЕХНЯ'** *ж. разг.* калп, жалган.

**БРЕХУ'Н** *м. разг.* калпычы, жалганчы.

**БРЕШЬ** *ж.* **1.** (*пролом в стене*) тешик, жарык; **пробúть брешь** 1) тешик чыгаруу, тешип жарык чыгаруу; 2) *перен.* арасына жик түшүрүү; **2.** *перен.* (*ущерб*) кемчилик, зыян.

**брéю, брéешь** *и т. д. наст. вр. от* **брить.**

**брéюсь, брéешься** *и т. д. наст. вр. от* **брúться.**

**БРЕ'ЮЩИЙ: брéющий полёт** *ав.* кайпып учуу.

**БРИГ** *м. мор. уст.* бриг (*эки мачтасы бар парустуу кеме*).

**БРИГА'ДА** *ж.* бригада (**1.** *воен. бир нече полктон, батальондон же дивизиондон түзүлгөн аскердин бир бөлүгү;* **2.** *воен.-мор. бир класстагы кемелердин бир флагмандын командасы астына кошулушу;* **3.** *ж.-д. поездде кызмат кылуучу кондукторлор тобу;* **4.** *белгилүү милдетти аткаруу үчүн, өндүрүш тапшырмасына карай, бириккен жумушчулар, колхозчулар, кызматчылар тобу*).

**БРИГАДИ'Р** *м.* бригадир (**1.** *жумушчулардын, колхозчулардын, кызматчылардын өндүрүш бригадасынын жетекчиси;* **2.** *воен. уст. генерал менен полковник ортосундагы согуштук чин*).

**БРИГАДМИ'ЛЕЦ** *м.* бригадмилец (*милицияга жардам берүү бригадасынын мүчөсү*).

**БРИГА'ДНЫЙ,** -ая, -ое **бригада**-*га т.*; бригадалык; **бригáдный командúр** бригада командири; **бригáдный мéтод рабóты** иштөөнүн бригадалык методу.

**БРИЗ** *м. мор.* бриз (*желаргы, үлбүрөгөн жел*).

**БРИЗА'НТНЫЙ,** -ая, -ое *воен.* бризанттык (*абада жарылма, майдаланма*); **бризáнтный снарńд** бризанттык снаряд.

**БРИКЕ'Т** *м.* брикет (*күкүмдөлгөн таш көмүр, чым көң же башка нерселерден жасалган кирпич сыяктуу нерсе*).

**БРИКЕТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* брикеттөө (*күкүмдөлгөн, кыйкымдалган таш көмүр, чым көң ж. б.-дан кирпич сыяктуу ныктап жасоо*).

**БРИКЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **брикет**-*ке т.*

**БРИЛЛИА'НТ** *м.* бриллиант (*кырдалып жылмаланган алмаз таш*).

**БРИЛЛИА'НТОВЫЙ,** -ая, -ое **бриллиант**-*ка т.*; **бриллиáнтовое кольцó** бриллиант көзү бар шакек.

**БРИТА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Британия**-*га*, **британцы**-*га т.*

**БРИТА'НЦЫ** *мн. уст.* британиялыктар.

**БРИ'ТВА** *ж.* устара.

**БРИ'ТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **бритва**-*га т.*; **брúтвенный ремéнь** устара кайышы.

**БРИТОГОЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое чачы такыр алынган (*такыр баш*).

**БРИ'ТЫЙ,** -ая, -ое сакалы *же* чачы алынган (кырылган); **брúтая головá** чачы алынган баш.

**БРИТЬ** *несов. кого-что* устара менен алуу (алдыруу); сакал *же* чач алуу.

**БРИТЬЁ** *ср.* устара менен алуу (алдыруу).

**БРИ'ТЬСЯ** *несов.* сакал *же* чач алуу (алдыруу); **он брéется дóма** ал сакал-мурутун үйдө алат.

**БРИ'ЧКА** *ж. уст.* бричка (*жеңил арабанын бир түрү; кээде жабык да болот*).

**БРОВЬ** *ж.* каш; ◇ **не в бровь, а в глаз** *погов.* сөздү машына келтирип айтуу.

**БРОД** *м.* кечүү, кечмелик, өткөөл.

**БРОДИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ачытуучу, ачыткыч; **бродúльный фермéнт** ачыткыч фермент.

**БРОДИ'ТЬ** I *несов.* тентирөө, тентүү, кезүү, сандалып жүрүү.

**БРОДИ'ТЬ** II *несов.* (*находиться в брожении*) ачуу, кыжылдоо.

**БРОДЯ'ГА** *м.* селсаяк, тентимиш, тентиреген киши.

**БРОДЯ'ЖНИЧАТЬ** *несов.* селсаяктануу, тентирөө, тентиреп жүрүү.

**БРОДЯ'ЖНИЧЕСТВО** *ср.* селсаяктык, тентимиштик, тентирегендик.

**БРОДЯ'ЧИЙ,** -ая, -ее селсаяк, тентиреген, тентиген; **бродńчий óбраз жúзни** күлү додо болбой тентиген турмуш; **бродńчий музыкáнт** кыдырма музыкант.

**БРОЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** ачуу, кыжылдоо (*мис. вино, бозо*); **2.** *перен.* күңкүл; **в войскáх протúвника началóсь брожéние** душман аскерлеринин арасында күңкүл жүрө баштады.

**БРОМ** *м.* бром (*кочкул түстөгү суюктук, анын тузу медицинада жана фотографияда колдонулат*).

**БРО'МИСТЫЙ,** -ая, -ое **бром**-*го т.*; бром катышкан, бромдуу; **брóмистый натр** бромдуу натр.

**БРОНЕБО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое броня тешкич, броня талкалагыч, броня тешүүчү; **бронебóйный снарńд** броня тешүүчү снаряд.

**БРОНЕБО'ЙЩИК** *м. воен.* бронебойщик (*броня талкалагыч замбиректи атуучу*).

**БРОНЕВИ'К** *м.* броневик (*замбирек, пулемёт менен жабдылган бронялуу автомобиль*).

**БРОНЕВО'Й,** -áя, -óе **броня**-*га т.*; бронялуу; **броневóй автомобúль** бронялуу автомобиль.

**БРОНЕНО'СЕЦ** I *м. мор.* броненосец (*броня менен капталган согуш кемеси*).

**БРОНЕНО'СЕЦ** II *м. зоол.* броненосец (*мүйүз калкан менен капталган сүт эмизүүчүлөр түркүмүндөгү жаныбар*).

**БРОНЕНО'СНЫЙ,** -ая, -ое *воен.* бронялуу (*броня менен капталган*).

**БРОНЕПО'ЕЗД** *м. воен.* бронялуу поезд (*замбирек, пулемёт менен жабдылган бронялуу поезд*).

**БРОНЕСИ'ЛЫ** *только мн.* бронялуу күчтөр.

**БРОНЕТА'НКОВЫЙ,** -ая, -ое бронетанкалуу; **бронетáнковые войскá** бронетанкалуу войсколор.

**БРОНЕЧА'СТЬ** *ж.* (бронетáнковая часть) *воен.* бронетанкалуу бөлүк.

**БРО'НЗА** *ж.* коло (*калай менен бирге эритилген жез*).

**БРОНЗИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* кололоо, коло менен каптоо.

**БРО'НЗОВЫЙ,** -ая, -ое **1. бронза**-*га т.*; **брóнзовая стáтуя** колодон жасалган статуя; **2.** (*о цвете*) коло түстүү; ◇ **брóнзовый век** *археол.* коло доору (*тарыхта колодон курал-жабдык жасаган доор*); **брóнзовая болéзнь** *мед.* коло оорусу (*бөйрөк үстүндөгү бездин оорусу аркасында терини колонун түсүнө окшотуп, саргайтып жиберген оору*).

**БРОНИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **бронúровать; 2.** *прил.* броняланган (*сакталган, арналган*); **бронúрованный билéт** броняланган билет.

**БРОНИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **бронировáть; 2.** *прил. воен., тех.* броняланган.

**БРОНИ'РОВАТЬ** *несов. что* (*закреплять*) бронялоо (*сактоо, арноо*); **кáсса бронúрует билéты для курóртников** курортко баруучуларга касса билет бронялайт.

www.bizdin.kg

**БРОНИРОВА'ТЬ** *несов. что, воен., тех.* бронялоо (*броня менен каптоо*).

**БРО'НХИ** *только мн. анат.* бронхи (*кекиртек бутактарынын өпкө менен кошулган жери*).

**БРОНХИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **бронхи**-*ге т.*; бронхидеги; **бронхиа́льные же́лезы** *анат.* бронхи бездери; **бронхиа́льная а́стма** *мед.* бронхи астмасы (*дем кыстыгуу*).

**БРОНХИ'Т** *м. мед.* бронхит (*бронхтун ичиндеги былжыр чел кабыктарынын оорусу*).

**БРО'НЯ** *ж.* 1. броня (*сакталган, арналган нерсе*): **бро́ня железнодоро́жных биле́тов** темир жол билеттеринин бронясы; 2. броня (*сактагыч документ*); **бро́ня на ко́мнату** бөлмөгө берилген броня.

**БРОНЯ'** *ж.* 1. *ист.* (*панцирь*) соот; 2. *воен., тех.* броня (*автомобиль, кеме, поезд ж. б. сыртынан капталуучу металлдан жасалган каптооч*).

**БРОСА'ТЬ** *несов. см.* **бро́сить;** ◇ **броса́ть тень** көө жагуу; **броса́ть де́ньги** акчаны курулай чачуу; **броса́ть слова́ на́ ветер** ойлонбостон оозуна келгенди сүйлөй берүү.

**БРОСА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **бро́ситься;** 2. *чем* (*друг в друга*) ыргытышуу, урушуу; **броса́ться снежка́ми** кар менен урушуу; 3. *на кого-что* (*нападать, накидываться*) асылуу, жабышуу, кол салуу; 4. *кем-чем, перен.* (*пренебрегать*) карабай коюу, баалабай коюу; **нельзя́ броса́ться нау́чными ка́драми** илимий кадрларды баалабай коюу жарабайт; 5. *страд. к* **броса́ть** (*см.* **бро́сить** 1, 2, 4, 5); ◇ **броса́ться в глаза́** көзгө чалдыгуу; **броса́ться слова́ми** ойлобой сүйлөө; **броса́ться деньга́ми** акчанын көзүнө карабай чачуу.

**БРО'СИТЬ** *сов.* 1. *что* (*кинуть, швырнуть*) таштоо, ыргытуу, салуу, уруу; **бро́сить ка́мень** таш ыргытуу; 2. *кого-что* (*быстро переместить, направить куда-л.*) жиберүү; **бро́сить в бой диви́зию** дивизияны согушка жиберүү; 3. *что и с неопр., перен.* (*прекратить что-л. делать*) токтотуу, таштоо; **бро́сить кури́ть** тамекини таштоо; 4. *что, перен.* (*высказать что-л. резко*) чакыруу, кетүү; **бро́сить обвине́ние** айып коё кетүү; **бро́сить вы́зов** эрегишке чакыруу; 5. *кого-что* (*оставить, покинуть*) таштоо, карабоо; **бро́сить на произво́л судьбы́** багуусуз, кароосуз таштоо; ◇ **бро́сить жре́бий** жребий кармоо, кара көтөн кармоо; **его́ бро́сило в пот** аны тер басты; **бро́сить взгляд** карап коюу, көз чаптыруу; **бро́сить я́корь** якорь түшүрүү; **брось!** кой!, койсоңчу!, койчу!

**БРО'СИТЬСЯ** *сов.* 1. *на кого-что* атырылуу, качырып кирүү, кол салуу; **бро́ситься на врага́** душманга кол салуу; 2. (*прыгнуть*) ыргуу, өзүн өзү таштап жиберүү; **бро́ситься в во́ду** өзүн өзү сууга таштап жиберүү; ◇ **бро́ситься на по́мощь** жардам көрсөтүү үчүн умтулуу; **бро́ситься в объя́тия** кучакташып калуу; **кровь бро́силась ему́ в го́лову** анын каны кайнады; **кровь бро́силась ему́ в лицо́** ал кыпкызыл болуп кетти.

**БРО'СКИЙ,** -ая, -ое көзгө бат түшө турган; **бро́ский цвет** көзгө бат чалдыга турган ырaң.

**БРО'СОВЫЙ,** -ая, -ое жараксыз, жарабаган; **бро́совый това́р** жараксыз товар; ◇ **бро́совая цена́** *эк.* өзүнүн турушунан төмөн баа; **бро́совый э́кспорт** *эк.* баасы төмөндөтүлгөн экспорт.

**БРОСО'К** *м.* секирик, секирүү, каргуу.

**БРО'ШКА** *ж.* брошка (*көкүрөккө кадала турган кооз төөнөгүч*).

**БРОШЬ** *ж. см.* **бро́шка.**

**БРОШЮ'РА** *ж.* брошюра (*кичинекей китеп, китепче*).

**БРОШЮРОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое брошюралоочу; **брошюрова́льная маши́на** брошюралоочу машина.

**БРОШЮРОВА'ТЬ** *несов. что* брошюралоо.

**БРОШЮРО'ВКА** *ж.* брошюровка (*табак-табак болуп басылып чыккан китептин бетине тууралап бүктөө, тигүү*).

**БРОШЮРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **брошюрова́льный.**

**БРОШЮРО'ВЩИК** *м.* брошюровкачы (*брошюра кылуучу киши*).

**БРОШЮРО'ВЩИЦА** *женск. р. к* **брошюро́вщик.**

**БРУС** *м.* брус (*төрт кырдуу устун*); ◇ **паралле́льные бру́сья** *спорт.* параллелдүү брустар (*бирдей бийиктиктеги эки туура жыгачтан жасалган асылып ойногуч*).

**БРУСКО'ВЫЙ,** -ая, -ое төрт кырдуу; **бруско́вое мы́ло** төрт кырдуу самын.

**БРУСНИ'КА** *ж.* брусника (*токойдо өсүүчү кызыл жемиштүү өсүмдүк*).

**БРУСНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **брусника**-*га т.*; **брусни́чное варе́нье** брусникадан жасалган варенье.

**БРУСО'К** *м.* 1. (*камень для точки*) кайрак, бүлөө; 2. төрт кырдуу нерсе; **бруса́к мы́ла** бир тоголок самын.

**БРУ'СТВЕР** *м. воен.* бруствер (*окоптун сырт жагына кырдалган топурак*).

**БРУ'ТТО** *прил. неизм.* брутто (*товардын идиши менен бирге алгандагы салмагы*).

**БРУЦЕЛЛЁЗ** *м. мед.* бруцеллёз (*кой, эчки, уй, чочконун жугуштуу оорусу; бул — сүт, эт аркылуу кишиге да жугат*).

**БРЫЖЕ'ЙКА** *ж. анат.* чычыркай.

**БРЫ'ЗГАТЬ** *несов. что, чем* себүү, чачуу, чачыратуу, бүркүү, себээлөө.

**БРЫ'ЗГАТЬСЯ** *несов. чем* себүү, чачыратуу, чачыроо, бүркүү; **он бры́згается водо́й** ал суу чачыратат.

**БРЫ'ЗГИ** *только мн.* чачыранды, бүркүндү.

**БРЫ'ЗНУТЬ** *однокр.* чачырап түшүү, дир дей түшүү.

**БРЫКА'ТЬ** *несов. кого-что, разг.* тебүү, меңкүү.

**БРЫКА'ТЬСЯ** *несов. разг.* 1. тебүү, меңкүү; **э́та ло́шадь брыка́ется** бул ат тебет; 2. *перен. разг.* (*упираться — о человеке*) карышуу, өз билгенинен кайтпоо.

**БРЫКНУ'ТЬ** *однокр.* тээп жиберүү, меңкүп кетүү.

**БРЫ'НЗА** *ж.* брынза (*кой сүтүнөн жасалган быштактын бир түрү*).

**БРЫСЬ** *межд.* мыш, бырс.

**БРЮЗГА'** *м. и ж.* бөөдө кайгылуу адам, күңкүлдөк адам, сарсанаа адам.

**БРЮЗГЛИ'ВОСТЬ** *ж.* күңкүлдөктүк.

**БРЮЗГЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое күңкүлдөк.

**БРЮЗЖА'НИЕ** *ср.* күңкүлдөө.

**БРЮЗЖА'ТЬ** *несов.* күңкүлдөө.

**БРЮ'КВА** *ж.* брюква (*тамыры жемиш өсүмдүктүн бир түрү*).

**БРЮ'КВЕННЫЙ,** -ая, -ое **брюква**-*га т.*

**БРЮ'КИ** *только мн.* шым.

**БРЮНЕ'Т** *м.* кара чач, кара чачтуу.

**БРЮНЕ'ТКА** *женск. р. к* **брюне́т.**

**БРЮ'ХО** *ср.* (*животных*) өөк; *разг.* (*человека*) карын.

**БРЮШИ'НА** *ж. анат.* бүлкүлдөк (*кабырганын бүлкүлдөк эти*).

**БРЮШКО'** *ср.* 1. (*напр. у насекомых*) боор жак (*майда жаныбарлардын боор жагы*); 2. *разг.* семирип чоңойгон карын.

**БРЮШНО'Й,** -а́я, -о́е: **брюшна́я по́лость** *анат.* ич көңдөйү; **брюшно́й тиф** *мед.* келте оорусунун бир түрү.

**БРЯ'КАТЬ** *несов. см.* **бря́кнуть.**

**БРЯ'КНУТЬ** *сов. разг.* 1. *чем* (*звякнуть*) шалдыратуу, кылдыратуу, чыңкылдатуу; 2. *перен. разг.* (*неосторожно сказать*) балп эттире айтуу, абайлабай сүйлөө; **он так и бря́кнул при всех** элдин көзүнчө балп эттире айтып салды.

**БРЯ'КНУТЬСЯ** *сов. разг.* далп этип жыгылуу, күрс этип жыгылуу.

**БРЯЦА'НИЕ** *ср.* шыңгыроо, шылдыроо, кыңгыроо.

**БРЯЦА'ТЬ** *несов.* шыңгыратуу, шылдыратуу, кыңгыратуу; ◇ **бряца́ть ору́жием** согушам деп коркутуу.

**БУ'БЕН** *м.* дап (*жаргак менен капталган тегерек музыка инструменти*).

www.bizdin.kg

**БУБЕНЦЫ'** *мн.* (*ед.* **бубене́ц** *м.*) майда тоголок коңгуроо, жылаажын.

**БУБЕ'НЧИК** *м. уменьш. от* **бубене́ц** кичинекей коңгуроо, жылаажын.

**БУ'БЛИК** *м. см.* **бара́нка** I.

**БУБНИ'ТЬ** *несов. разг.* куңкулдөө, мыңкылдоо.

**БУБНО'ВЫЙ**, -ая, -ое **бубны** I-*ге т.*; **бубно́вый туз** момундун тузу.

**БУ'БНЫ** I *мн. карт.* момун.

**БУ'БНЫ** II *мн. см.* **бу́бен**.

**БУБО'Н** *м. мед.* бубон (*чаттагы бездин шишигени*).

**БУБО'ННЫЙ**, -ая, -ое **бубон**-*го т.*; **бубо́нная чума́** бубон чумасы.

**БУГА'Й** *м. разг.* бука.

**БУГО'Р** *м.* дөбө, дөң.

**БУГОРО'К** *м.* 1. *уменьш. от* **бугóр** дөбөчө, дөңчө; 2. *анат.* сөөктүн томолок башы; 3. *мед.* туберкулёздон ткандардын өзгөрүшү.

**БУГОРЧА'ТКА** *ж. уст. см.* **туберкулёз**.

**БУГРИ'СТЫЙ**, -ая, -ое кудур, дөбөлүү, дөңдүү.

**БУДДИ'ЗМ** *м.* буддизм (*диндин бир түрү*).

**БУДДИ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое **буддизм**-*ге т.*

**БУДДИ'СТ** *м.* буддист (*буддизмди жактоочу*).

**БУ'ДЕТ** *в знач. нареч. разг.* болду, жетишет, болду эми.

**БУДИ'ЛЬНИК** *м.* будильник (*ойготкуч саат; белгиленген убакта шыңгырай турган саат*).

**БУДИ'ТЬ** *несов.* 1. *кого* ойготуу; 2. *что, перен.* сезимин козгоо, ойготуу.

**БУ'ДКА** *ж.* будка (*күзөтчүлөр, темир жол күзөтчүлөрү тура турган, көбүнчө жыгачтан жасалган кичинекей үй*).

**БУ'ДНИ** *только мн.* 1. майрам эмес күн; 2. *перен.* кадыресе болуп жаткан турмуш, күндөлүк оокат; **трудовы́е бу́дни** кадыресе жумуш күндөрү.

**БУ'ДНИЧНЫЙ**, -ая, -ое 1. **будни** 1-*ге т.*; 2. *перен.* кадыресе, көңүлсүз.

**БУ'ДНИШНИЙ**, -ая, -ое *см.* **бу́дничный**.

**БУДОРА'ЖИТЬ** *несов. кого-что, разг.* тынчын алуу, тынчын кетирүү, беймаза кылуу, мазасын алуу.

**БУ'ДОЧНИК** *м. уст.* будкадагы полицейский.

**БУ'ДТО** I *союз* 1. (*как, словно*) окшоп, сыяктанып, өңдөнүп; **лежи́т бу́дто мёртвый** өлүккө окшоп жатат; 2. (*с оттенком недоверия*) =гансып; **он расска́зывает, бу́дто был на войне́** ал согушта болгонсуп сүйлөп жатат; ◇ **бу́дто бы** =дай; **как бу́дто** =дай болду; **мо́жет быть он не уе́хал? — Нет, как бу́дто уе́хал** балким ал кеткен эмес чыгар? — Жок, кеткендей болду; **как бу́дто бы** сыяктуу, өңдүү.

**БУ'ДТО** II *частица* (*кажется; разве*) го; **посмотри́, бу́дто пришёл кто́-то** карачы, бирөө келди го; **бу́дто я за э́то отвеча́ю?** муну үчүн мен жооптумунбу?

**БУДУА'Р** *м. уст.* будуар (1. *бай аялдын конокторду кабыл алуучу жана жасануучу бөлмөсү;* 2. *ушул бөлмөнүн жасалгалары*).

**БУ'ДУЩЕЕ** *ср.* келечек; **его́ бу́дущее зави́сит от него́ самого́** анын келечеги өзүнө байланыштуу; **в недалёком бу́дущем** жакын арада.

**БУ'ДУЩИЙ**, -ая, -ее келечек, эмдиги, келирки; **в бу́дущем году́** эмдиги жылы; **бу́дущее вре́мя** *грам.* келер чак.

**БУ'ДУЩНОСТЬ** *ж.* келечек; **э́того арти́ста ожида́ет блестя́щая бу́дущность** бул артисттин келечеги сонун болмок.

**будь** *повел. накл. от* **быть**; ◇ **будь то** мейли; **будь то я́блоко и́ли арбу́з** мейли алма, мейли дарбыз болсун.

**БУ'ЕР** *м. спорт.* буер (*парустуу кичине чана же парустуу кичине жеңил кеме*).

**БУЕРА'К** *м.* буйгат (*буйгат жер же суу жеген жылгача*).

**БУЖЕНИ'НА** *ж.* өзгөчө бышырылган чочко эти.

**бужу́, бу́дишь** *и т. д. наст. вр. от* **буди́ть**.

**БУЗА'** I *ж.* (*напиток*) бозо, максым.

**БУЗА'** II *ж. прост.* (*скандал*) чыр, чатак, калба.

**БУЗИНА'** *ж.* бузина (*кызыл же кара жемиштүү өсүмдүктүн бир түрү*).

**БУЗИ'ТЬ** *несов. прост.* чыр салуу, чатак кылуу.

**БУЗОТЁР** *м. прост.* чыр киши, чатак киши.

**БУЙ** *м.* буй (*деңизде, көлдө, дарыяда тайыз жерди жана балыкчылардын торун билдирүү үчүн коюлган калкыма*).

**БУ'ЙВОЛ** *м.* буйвол (*топоздун бир түрү*).

**БУ'ЙНО** *нареч.* 1. (*непокорно*) оолугуп; **он ведёт себя́ бу́йно** ал оолугуп кетет; 2. *перен.* дүрүлдөп; **пшени́ца бу́йно всхо́дит** буудай дүрүлдөп өнүп атат.

**БУ'ЙНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*неспокойный*) байлатма, оолукма, буулукма, жаңжалчы; **бу́йный сумасше́дший** байлатма жинди; **бу́йный нрав** оолукма мүнөз; 2. *перен.* (*порывистый*) дуулдаган; **бу́йный ве́тер** дуулдаган шамал; 3. *перен.* (*быстрый в росте*) жабалактаган, дүрүлдөп; **бу́йный рост посе́вов** эгиндин жапырт дүрүлдөп өсүшү.

**БУ'ЙСТВО** *ср.* жаңжал, бейбаштык.

**БУ'ЙСТВОВАТЬ** *несов.* оолугуу, жаңжал чыгаруу.

**БУК** *м.* бук (*катуу жыгачтын бир түрү*).

**БУ'КА** *м. и ж. разг.* 1. мокочо, бөө; 2. *перен.* (*нелюдимый человек*) үңүрөйгөн, кабагы ачылбаган киши; **смотре́ть бу́кой** үңүрөйүп кароо.

**БУКА'ШКА** *ж.* кичинекей коңуз.

**БУ'КВА** *ж.* тамга, арип; ◇ **соблюда́ть бу́кву зако́на** законго карап, иш жүргүзүү; **бу́ква в бу́кву** сөзмө-сөз.

**БУКВА'ЛЬНО** *нареч.* 1. (*точно, дословно*) туура, так, сөзмө-сөз; **перевести́ буква́льно** сөзмө-сөз которуу; 2. *разг.* (*совершенно*) таптакыр, деги эле; **он буква́льно все дни за́нят** ал күнүгө бош эмес.

**БУКВА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое туура, так, сөзмө-сөз; **буква́льный смысл** так мааниси; **буква́льный перево́д** сөзмө-сөз котормо.

**БУКВА'РНЫЙ**, -ая, -ое **букварь**-*га т.*

**БУКВА'РЬ** *м.* алиппе.

**БУ'КВЕННЫЙ**, -ая, -ое тамга менен белгиленген, арип менен белгиленген.

**БУКВОЕ'Д** *м. пренебр.* буквоед (*жазууда айтылгандан тышкары чыга албаган, тышкы формасынан башкасына акылы жетпеген*); **он настоя́щий буквое́д** ал жаткан буквоед.

**БУКЕ'Т** *м.* 1. (*цветы*) букет (*ылгап алынган бир тутам гүл же жалбырактын бир байламы*); 2. *перен.* (*аромат*) аңкыган, жыттуу.

**БУКИНИ'СТ** *м.* букинист (*эски жана кем табылуучу китептер менен соода кылуучу киши*).

**БУКИНИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое букинисттик; **букинисти́ческий магази́н** букинисттик магазин.

**БУ'ККЕР** *м. с.-х.* буккер (*жерди, аңызды жумшарткыч машина*).

**БУ'КЛИ** *мн. уст. см.* **ло́кон**.

**БУ'КОВЫЙ**, -ая, -ое **бук**-*ка т.*; буктуу; **бу́ковая ро́ща** буктуу токой; **бу́ковый лист** бук жалбырагы.

**БУКС** *м.* букс (*Кавказда көп таралган жыгачтын бир түрү*).

**БУ'КСА** *ж. ж.-д.* букса (*вагондун ок темири айлануучу темир кутү*).

**БУКСИ'Р** *м.* 1. буксир (*кеме же баржаны жетелеп жүрүүчү кеме*); 2. буксир (*кеме чиркелгич чоң аркан*); 3. *перен.* буксир (*сүрөө, жетек*); **взять на букси́р** буксирге алуу.

**БУКСИ'РНЫЙ**, -ая, -ое буксирдик, чиркеп жетелөөчү, сүрөөчү; **букси́рный парохо́д** буксирдик пароход.

**БУКСИ'РОВАТЬ** *несов. что* буксирдөө.

**БУКСОВА'НИЕ** *ср.* буксалоо; *см.* **буксова́ть**.

www.bizdin.kg

**БУКСОВА'ТЬ** *несов.* буксалоо (*дөңгөлөктүн бир орунда тегерене бериши*).

**БУЛАВА'** *ж. ист.* чокмор, булава (*бийлик белгиси, мис. Украина гетмандарында*).

**БУЛА'ВКА** *ж.* төөнөгүч.

**БУЛА'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **булавка**-*га т.*; **була́вочная голо́вка** төөнөгүчтүн бөркү; **була́вочный уко́л** 1) төөнөгүч менен саюу; 2) *перен.* чымындын чакканындай да болбогон.

**БУЛА'НЫЙ,** -ая, -ое ак кула.

**БУЛА'Т** *м. уст.* 1. (*сталь*) болот; 2. *перен. поэт.* (*меч*) кылыч.

**БУЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **булат** 1-*ге т.*; **була́тный меч** болот кылыч.

**БУ'ЛКА** *ж.* булка, бөлкө нан.

**БУ'ЛЛА** *ж.* булла (*Рим папасынын жиберген каты, грамотасы*).

**БУ'ЛОЧНАЯ** *ж.* бөлкө нан сатуучу магазин.

**БУ'ЛОЧНИК** *м.* 1. (*продавец булок*) бөлкө сатуучу; 2. (*пекарь*) нан бышыруучу, наабайчы.

**БУ'ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое **булка**-*га т.*; **бу́лочные изде́лия** бөлкө нандар.

**БУЛТЫ'Х** *межд. и в знач. сказ.* чулп этүү (*сууга түшүп кеткен нерсе*).

**БУЛТЫХА'ТЬСЯ** *несов. разг.* чулпулдоо.

**БУЛТЫХНУ'ТЬСЯ** *однокр. разг.* чулп этүү; **он бултыхну́лся в во́ду** ал сууга чулп этти.

**БУЛЫ'ЖНИК** *м.* шагыл таш, сайдын ташы.

**БУЛЫ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **булыжник**-*ке т.*; **булы́жная мостова́я** шагыл таш төшөлгөн жол.

**БУЛЬВА'Р** *м.* бульвар (*бак-дарак тигилген кең көчө*).

**БУЛЬВА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. **бульвар**-*га т.*; 2. *перен.* бульвардык (*мещандардын мүдөөсүнө ылайыкталган чыгарма*); **бульва́рный рома́н** бульвардык роман.

**БУЛЬДО'Г** *м.* бульдог (*иттин бир түрү*).

**БУЛЬДО'ЗЕР** *м.* бульдозер (1. *жука темирдин четин кысып бүктөгүч станок*; 2. *жерди жирей турган жана тегиздей турган, тракторго чиркегич машина*).

**БУ'ЛЬКАНЬЕ** *ср.* чулкулдоо, чуркулдоо.

**БУ'ЛЬКАТЬ** *несов.* чулкулдоо, чуркулдоо.

**БУ'ЛЬКНУТЬ** *однокр.* чулк этүү, чурк этүү.

**БУЛЬО'Н** *м.* сорпо (*жалаң гана эттин ынак сорпосу*).

**БУМА'ГА** I *ж.* 1. кагаз; **перга́ментная бума́га** пергамент кагазы; 2. (*документ*) кагаз (*документ, буйрук*); **ры́ться в бума́гах** кагаздарды аңтара берүү, кагаз менен алпурушуу; ◇ **остава́ться на бума́ге** кагаз жүзүндө калып калуу.

**БУМА'ГА** II *ж. текст.* пахта; **мате́рия из ше́рсти с бума́гой** жүн, пахта аралаш кездеме.

**БУМАГОПРЯДЕ'НИЕ** *ср.* пахтадан жип ийрип, кездеме токуп чыгаруу.

**БУМАГОПРЯДИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое пахтадан жип ийрүүчү, кездеме чыгаруучу; **бумагопряди́льная маши́на** пахтадан жип ийрүүчү машина.

**БУМАГОПРЯДИ'ЛЬНЯ** *ж.* пахтадан жип ийрүүчү фабрика.

**БУМА'ЖКА** *ж.* 1. (*клочок бумаги*) бир барча кагаз; 2. *разг.* (*бумажные деньги*) кагаз (*акча*); **пятирублёвая бума́жка** беш сомдук кагаз (*акча*).

**БУМА'ЖНИК** *м.* бумажник (*акча капчыгы*).

**БУМА'ЖНЫЙ** I, -ая, -ое **бумага** I-*ге т.*; **бума́жное произво́дство** кагаз өндүрүшү.

**БУМА'ЖНЫЙ** II, -ая, -ое **бумага** II-*ге т.*

**БУМАЗЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **бумазея**-*га т.*; **бумазе́йная руба́шка** бумазей көйнөк.

**БУМАЗЕ'Я** *ж.* бумазей (*эки жагы түктүү жумшак кездеменин бир түрү*).

**БУ'НКЕР** *м.* бункер (1. *мор. кеменин көмүр сакталуучу бөлмөсү*; 2. *с.-х. комбайндын дан чогулта турган бөлүгү*; 3. *тех. домна мештеринде руда, кокс коюла турган бөлмө*).

**БУНТ** I *м.* (*мятеж*) козголоң, бунт.

**БУНТ** II *м.* 1. (*кипа*) үймөк (*узун кылып кырдап үйүлгөн нерсе*); **бунты́ карто́феля** картөшкөнүн үймөктөрү; 2. (*товар в штабелях*) таңылчак; **това́р в бунта́х** таңылган товарлардын үймөгү.

**БУНТА'РСКИЙ,** -ая, -ое **бунтарь**-*га т.*

**БУНТА'РСТВО** *ср.* козголоңчулук (*козголоң көтөрүүчүлүк*).

**БУНТА'РЬ** *м.* козголоңчу.

**БУНТОВА'ТЬ** *несов.* козголоң чыгаруу, козголоңго катышуу, бунт чыгаруу.

**БУНТОВЩИ'К** *м.* козголоңго катышуучу, козголоңчу.

**БУНЧУ'К** *м. ист.* түпөк (*найзанын түпөгү*).

**БУР** *м. тех.* бургу (*минерал тектерин бургулоочу машина*).

**БУРА'** *ж. хим.* бура (*борный кычкыл натрий*).

**БУРА'В** *м. тех.* бурама, бургу, үшкү, буроо.

**БУРА'ВИТЬ** *несов. что* бургулоо, буроо, үшкүлөө.

**БУРА'ВЧИК** *м. уменьш. от* **бура́в** бурамача, кичине бурама, кичине буроо, кичине үшкү.

**БУРА'К** *м. обл.* кызгылт кызылча.

**БУРА'Н** *м.* бороон.

**БУРА'ННЫЙ,** -ая, -ое **буран**-*га т.*

**БУРГОМИ'СТР** *м.* бургомистр (*кээ бир Европа өлкөлөрүндө жана падышалык Россияда шаар башкаруучу*).

**БУРДА'** *ж. разг.* киргил, даамы жаман суюктук.

**БУРДЮ'К** *м.* чанач, меш, көөкөр.

**БУРДЮ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **бурдюк**-*кө т.*

**БУРЕВЕ'СТНИК** *м. зоол.* буревестник (*деңиз кушунун бир түрү*).

**БУРЕЛО'М** *м.* шамалда сынган, кыйраган жыгач.

**БУРЕ'НИЕ** *ср. тех.* бургулоо (*тоо тектерин же жерди бургулоо*).

**БУРЕ'ТЬ** *несов.* күрөң тартуу.

**БУРЖУА'** *м. нескл.* буржуа (*буржуазия табына таандык киши*).

**БУРЖУАЗИ'Я** *ж.* буржуазия; **кру́пная буржуази́я** ири буржуазия; **ме́лкая буржуази́я** майда буржуазия.

**БУРЖУА'ЗНО-ДЕМОКРАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое буржуазиялык-демократиялык; **буржуа́зно-демократи́ческая револю́ция** буржуазиялык-демократиялык революция.

**БУРЖУА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое буржуазиялык; **буржуа́зная идеоло́гия** буржуазиялык идеология.

**БУРЖУ'Й** *м. разг.* буржуй; *см.* **буржуа́.**

**БУРЖУ'ЙКА** I *женск. р. к* **буржу́й.**

**БУРЖУ'ЙКА** II *ж. разг.* (*печь*) буржуйка (*кичинекей темир меш*).

**БУРИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **бурение**-*ге т.*; бургулоочу, буроочу; **бури́льная маши́на** бургулоочу машина.

**БУРИ'ЛЬЩИК** *м.* буроочу, бургулоочу (*жумушчу*).

**БУРИ'ТЬ** *несов. что, тех.* бургулоо.

**БУ'РКА** *ж.* бурка (*кийизден же эчкинин жүнүнөн жасалган узун кементай*).

**БУ'РКИ** *только мн.* бурки (*булгаары менен башталып, тамандалган кийиз өтүк*).

**БУ'РКНУТЬ** *однокр. разг.* мыңк этүү, күңк этүү.

**БУРЛА'К** *м. уст.* бурлак (*байыркы заманда кайыкты же баржаны аркан менен сүйрөөчү жумушчу*).

**БУРЛА'ЦКИЙ,** -ая, -ое **бурлак**-*ка т.*; **бурла́цкая пе́сня** бурлактардын ыры.

**БУРЛА'ЧЕСТВО** *ср. уст.* бурлактык, бурлак болуп кесип кылуучулук.

**БУРЛА'ЧИТЬ** *несов. уст.* бурлак болуп иштөө.

**БУРЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое шарылдаган; **бурли́вая река́** агыны катуу шарылдаган дарыя.

**БУРЛИ'ТЬ** *несов.* шарылдоо, шаркыроо, буркан-шаркан түшүү.

www.bizdin.kg

**БУ'РНО** *нареч.* дуулдап, шуулдап, күүлдөп, дүркүрөп.

**БУ'РНЫЙ**, -ая, -ое 1. толкундуу, долу; **бу́рное мо́ре** толкундуу деңиз; **бу́рный поры́в ве́тра** шамалдын дуулдаган эпкини; **бу́рные во́лны** долу толкун; 2. *перен.* дүркүрөгөн, дүрүлдөгөн; **бу́рный рост промы́шленности** өнөр жайынын дүркүрөп өсүшү; **бу́рные аплодисме́нты** дүркүрөгөн кол чабуулар; **бу́рный восто́рг** маңдайы жарылган кубаныч.

**БУРОВО'Й**, -а́я, -о́е *тех.*: **бурова́я маши́на** бургулоо машинасы.

**БУ'РСА** *ж. ист.* диний мектеп (*Россияда*).

**БУРСА'К** *м. ист.* бурсанын окуучусу.

**БУРУ'Н** *м. поэт.* көбүктүү толкун.

**БУРУНДУ'К** *м. зоол.* бурундук (*тыйын чычкандын бир түрү*).

**БУРЧА'ТЬ** *несов. разг.* 1. (*ворчать*) кобуроо, күңкүлдөө; **бурча́ть себе́ по́д нос** өзүнчө күңкүлдөө; 2. *чаще безл.* (*в желудке*) курулдоо, кулдуроо.

**БУ'РЫ** *мн.* бурлар (*Түштүк Африкадагы голландиялык эл*).

**БУ'РЫЙ**, -ая, -ое күрөң; **бу́рый медве́дь** күрөң аюу; **бу́рый у́голь** күрөң көмүр.

**БУРЬЯ'Н** *м.* узун чыгуучу отоо чөп.

**БУ'РЯ** *ж.* катуу бороон, көбүнчө жамгырдуу шамал, кардуу катуу шамал; ◇ **бу́ря негодова́ния** кыжыр кайноо; **бу́ря восто́ргов** күүлдөгөн чоң кубаныч; **бу́ря в стака́не воды́** арадай жерде чарадай жыйын.

**БУРЯ'Т** *м.* бурят.

**БУРЯ'ТКА** *женск. р. к* **буря́т**; бурятка.

**БУРЯ'ТСКИЙ**, -ая, -ое **бурят**-*ка т.*; **буря́тский язы́к** бурят тили.

**БУРЯ'ТЫ** *мн.* буряттар.

**БУ'СИНА** *ж.* бир мончок, сыңар мончок.

**БУССО'ЛЬ** *ж. тех.* буссоль (*геодезияда, артиллерияда колдонулуучу өлчөгүч прибор*).

**БУ'СЫ** *только мн.* мончок; **кора́лловые бу́сы** шуру мончок.

**БУТ** *м. тех.* бут (*курулушка керектүү сомдолгон таш*).

**БУТАФО'Р** *м.* бутафор (*бутафория жасоочу киши*).

**БУТАФО'РИЯ** *ж.* бутафория (1. *театр.* коюлуучу *пьесага жасалга болуучу нерселер*; 2. *перен.* чыныгы эмес, *жасалма нерсе*).

**БУТАФО'РСКИЙ**, -ая, -ое 1. **бутафория** 1-*ге т.*; 2. *перен.* чыныгы эмес, жасалма.

**БУТЕРБРО'Д** *м.* бутерброд (*үстүнө май сыйпалган же балык, колбаса, сыр ж. б. нерсе коюлган бир кесим нан*).

**БУТИ'ТЬ** *несов. что, тех.* бут (таш) төшөө (*мис. фундаменттин астына*).

**БУ'ТОВЫЙ**, -ая, -ое **бут**-*ка т.*; **бу́товая кла́дка** буттан куруу (*имаратты бут таштарынан цемент менен карматып тургузуу*).

**БУТО'Н** *м.* бутон (*ачыла элек гүл*).

**БУ'ТСЫ** *только мн. спорт.* бутсы (*футбол тепкенде кие турган батинке*).

**БУТУ'З** *м. разг.* болтогой бала.

**БУТЫ'ЛКА** *ж.* бөтөлкө, бутылка.

**БУТЫ'ЛОЧНО-ЗЕЛЁНЫЙ**, -ая, -ое бөтөлкөдөй жашыл, бөтөлкө сыяктуу жашыл.

**БУТЫ'ЛОЧНЫЙ**, -ая, -ое 1. **бутылка**-*га т.*; **буты́лочное стекло́** бөтөлкө айнеги, бөтөлкө жасалуучу айнек; 2. (*о цвете*) бөтөлкө түстүү (*көгүлдүр*); **буты́лочного цве́та** бөтөлкө түстүү.

**БУТЫ'ЛЬ** *ж.* чоң бөтөлкө.

**БУ'ФЕР** *м.* буфер (1. *ж.-д. вагондорду катуу кагылышуудан сактоочу пружиналуу тегерек темирлер*; 2. *перен. кагылышуудан сактоо үчүн эки нерсенин ортосуна коюлган нерсе*).

**БУ'ФЕРНЫЙ**, -ая, -ое 1. *ж.-д.* **буфер**-*ге т.*; буфердүү; **бу́ферное сцепле́ние ваго́нов** вагондордун буфердүү чиркелиши; 2. *перен.* буфердик (*ортодогу кыстырынды, буфер ролун аткаруучу*); **бу́ферное госуда́рство** буфердик мамлекет.

**БУФЕ'Т** *м.* буфет (1. *идиштер сакталуучу шкаф*; 2. *ресторанда же мекемеде кургак тамак жана ичимдик сатылуучу үстөл*).

**БУФЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое **буфет**-*ке т.*

**БУФЕ'ТЧИК** *м.* буфетчи (1. *буфет кызматчысы*; 2. *уст. буфет ээси*).

**БУФЕ'ТЧИЦА** *женск. р. к* **буфе́тчик**.

**БУФФОНА'ДА** *ж.* буффонада (1. *театр. маскарапаздык, эң күлкүлүү түрдө курулган пьеса*; 2. *перен. маскарапаздык, күлкүлүү кызык-жоруктар*).

**БУХ** *межд. и в знач. сказ.* барч, болч, күрс, шарп, чалп; **он бух в во́ду** ал чалп этип суугa түшүп кетти.

**БУХА'НКА** *ж.* буханка (*бүтүн бөлкө*).

**БУ'ХАТЬ** *несов. разг.* күрсүлдөө, күрс этүү; **вдали́ бу́хает пу́шка** алыстан замбирек күрс этет.

**БУХГА'ЛТЕР** *м.* бухгалтер.

**БУХГАЛТЕ'РИЯ** *ж.* бухгалтерия (1. *бухгалтериялык иштин теориясы жана практикасы*; 2. *мекеменин бухгалтерия бөлүмү*).

**БУХГА'ЛТЕРСКИЙ**, -ая, -ое **бухгалтерия**-*га*, **бухгалтер**-*ге т.*; бухгалтериялык; **бухга́лтерская рабо́та** бухгалтериялык иш.

**БУ'ХНУТЬ** I *однокр. разг.* 1. күрс эттирүү, дүңк эттирүү; 2. *что* (*необдуманно сказать*) **...деп айтып** коюу, **...**деп айтып салуу.

**БУ'ХНУТЬ** II *несов.* (*разбухать*) көбүү, көөп чыгуу, барсаюу.

**БУ'ХНУТЬСЯ** *однокр. разг.* күрс этүү, чалп этүү; **он бу́хнулся в во́ду** ал суугa чалп эле дей түштү.

**БУ'ХТА** *ж.* бухта (*деңиз же көлдөгү кичинекей булуң*).

**БУ'ЧА** *ж. разг.* чуу, чатак; **подня́ть бу́чу** чуу көтөрүү.

**БУЧЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*в щёлоке*) шакардуу суугa кайнатуу; 2. (*кожи*) терини ашатуу.

**БУ'ЧИТЬ** *несов.* 1. (*в щёлоке*) шакардуу суугa кайнатуу; 2. (*кожу*) терини ашатуу.

**БУШЕВА'ТЬ** *несов.* 1. алай-дүлөй түшүү (*напр. о метели*); алоолонуу (*о пламени*); 2. *перен.* долуланууу, чамынуу, жаалдануу.

**БУ'ШЕЛЬ** *м.* бушель (*Англияда жана АКШда чубурулма нерселерди өлчөгүч*); **бу́шель пшени́цы** бир бушель буудай.

**БУШЛА'Т** *м.* бушлат (*матростун сукнодон тигилген бешманты*).

**БУШПРИ'Т** *м. мор.* бушприт (*кеменин тумшугундагы жантайган кыска мачта*).

**БУЯ'Н** *м.* жаңжалчы, чатак; ээ-жаа бербеген долу.

**БУЯ'НИТЬ** *несов. разг.* жаңжал салуу, чатак салуу.

**БЫ (Б)** *частица* эле, -са, боло, да; **я бы пошёл, да де́ло есть** мен барар элем, бирок жумушум бар; **бы́ло бы жела́ние, а де́ло найдётся** иштеймин десе, иш табылат; **ты бы отдохну́л немно́го** сен бир аз дем алсаң боло; **мне бы не удало́сь э́того сде́лать, е́сли бы ты не прие́хал** сен келбесең, мен бул ишти иштей албайт элем; **не тебе́ бы говори́ть, да не мне бы слу́шать** сен айтпагын да, мен укпайын; **ты бы убира́лся отсю́да** деги сен ушерден жоголсоң экен.

**БЫВА'ЛО** *частица*: **и я, быва́ло, сади́лся на верблю́да** менин да төөгө минген күндөрүм болгон; ◇ **как ни в чём не быва́ло** деле эч нерсе болбогондой болуп; **вчера́ у меня́ голова́ боле́ла, а сегодня́ я встал как ни в чём не быва́ло** кечээ башым ооруду эле, бүгүн деле эч нерсе болбогонсуп дыңылдап калыптырмын.

**БЫВА'ЛЫЙ**, -ая, -ое 1. (*много видевший*) тажрыйбалуу, көптү көргөн; 2. (*привычный*) эски, боло келген; **э́то де́ло быва́лое** бул боло келген иш.

www.bizdin.kg

**БЫВА'ТЬ** *несов.* 1. болгулоо, келүү; **я быва́л в го́роде** мен шаарда болуп жүргөмүн; 2. *безл.* (*случаться*) болуу; **быва́ет и так** андай да болот; **с ним э́то быва́ет** анын ошондою бар.

**БЫ'ВШИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **быть**; 2. мурунку; **бы́вший дире́ктор заво́да** заводдун мурунку директору.

**БЫҚ** I *м.* бука (*производитель*); өгүз (*вол*); ◇ **упёрся как бык** көшөрүп туруп алды.

**БЫҚ** II *м. чаще мн.* (*устой моста*) көпүрөнүн таянчыгы.

**БЫЛИ'НА** *ж.* жомок (*баатырлар жөнүндө ыр менен айтылган жомок*).

**БЫЛИ'НКА** *ж.* чөптүн сабагы; бир тал чөп; **там не растёт ни были́нки** ал жерде бир тал да чөп чыкпайт.

**БЫ'ЛО** *частица* эле; **я бы́ло пошёл, но разду́мал** барайын дедим эле, бирок айнып калдым; **я бы́ло нача́л, да пото́м бро́сил** баштап койдум эле, анан таштап койдум.

**БЫЛО'Е** *ср.* баштан кечирген, баштан өткөн.

**БЫЛО'Й**, -а́я, -о́е баштан кечирген, баштан өткөн; **было́е дни** баштан өткөн күндөр.

**БЫЛЬ** *ж.* болгон иш, анык болгон иш; **э́то быль, а не ска́зка** бул жомок эмес, болгон иш.

**БЫЛЬЁ** *ср.*: **быльём поросло́** эчак унутулган, такыр унутулуп бүткөн.

**БЫСТРИНА'** *ж.* шар (*суунун шары, шар аккан жери*).

**БЫ'СТРО** *нареч.* тез, бат, ылдам.

**БЫСТРОГЛА'ЗЫЙ**, -ая, -ое көзү ойноктогон, көзү жөн турбаган.

**БЫСТРОҚРЫ'ЛЫЙ**, -ая, -ое 1. *поэт.* учкул; **быстрокры́лый бе́ркут** учкул бүркүт; 2. (*о времени*) зуулдап өткөн.

**БЫСТРОНО'ГИЙ**, -ая, -ое күлүк, учкаяк; **быстроно́гий конь** күлүк ат.

**БЫСТРОРАСТУ'ЩИЙ**, -ая, -ее тез өсүүчү, бат өсүүчү.

**БЫСТРОТА'** *ж.* тездик, ылдамдык; ◇ **с быстрото́й мо́лнии** чагылгандай тез.

**БЫСТРОТЕ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое тез өткөн, бат өткөн, зуулдап өткөн; **быстроте́чное вре́мя** тез өткөн убакыт.

**БЫСТРОХО'ДНЫЙ**, -ая, -ое тез жүрүүчү, күлүк; **быстрохо́дный ка́тер** тез жүрүүчү катер.

**БЫ'СТРЫЙ**, -ая, -ое тез, ылдам, шар; **бы́строе тече́ние** шар агым; **бы́стрый темп рабо́ты** жумуштун ылдам темпи.

**БЫТ** *м.* турмуш; **ста́рый быт** эски турмуш; **но́вый быт** жаңы турмуш.

**БЫТИЕ'** *ср. филос.* бытие (*реалдуулук, болмуш, турмуш*); **бытие́ определя́ет созна́ние** бытие ойду белгилейт.

**БЫ'ТНОСТЬ** *ж.* болгон кез, болгон убак; **в бы́тность его́ в Кра́сной А́рмии** анын Қызыл Армияда болгон кезинде.

**БЫТОВА'ТЬ** *несов.* турмушта болуу; **не́которые ста́рые обы́чаи ещё быту́ют у нас** кээ бир эски салттар биздин арабызда дагы эле бар.

**БЫТОВО'Й**, -а́я, -о́е **быт**-*ка т.*; турмуштук, турмуштагы, тиричиликтеги; **бытовы́е усло́вия** турмуш шарттары; **бытово́е обслу́живание** турмуш жагын тейлөө; **бытово́й рома́н** *лит.* турмуштук роман.

**БЫТЬ** *несов.* 1. (*иметься*) бар, болуу; **у меня́ есть рабо́та** менин жумушум бар; **у него́ есть де́ти** анын балдары бар; 2.: **я бу́ду за́втра в го́роде** мен эртең шаарда боломун; **за́втра бу́дет дождь** эртең жамгыр жаайт; 3. *часть составного сказ.*: **я был бо́лен** мен оору элем; **я бу́ду игра́ть** мен ойноймун; ◇ **была́ не была́!** *или* **будь что бу́дет!** тобокел!; **быть беде́** кырсык болбой койбойт; **как быть?** эмне кылуу керек?; **быть не при чём** эч катышы болбоо; **так и быть** мейли, ушундай болсун; **должно́ быть** *вводн. сл.* болуу керек, ал эми, балким; **быть мо́жет** мүмкүн; **был тако́в** жылт коюп, жолуна түшкөн; **не тут-то бы́ло** болуңкурабай калды, ордунан чыкпай калды.

**БЫТЬЁ** *ср.*: **житьё-бытьё** турмуш-тиричилик.

**БЫЧА'ЧИЙ**, -ья, -ье *см.* **бы́чий**.

**БЫ'ЧИЙ**, -ья, -ье **бык**-*ка т.*; **бы́чья ко́жа** өгүз териси.

**БЫЧО'К** I *м.* торпок, оопаз.

**БЫЧО'К** II *м.* (*рыба*) бычок (*деңиз балыгынын бир түрү*).

**БЮДЖЕ'Т** *м.* бюджет (*мамлекеттин, мекеменин, ишкананын же айрым адамдын доходдорун жана расходдорун белгилүү бир срокко, мөөнөткө алдын ала эсептеп коюу*); **годово́й бюдже́т** жылдык бюджет; ◇ **бюдже́т вре́мени** убакыт эсеби, убакыт бюджети.

**БЮДЖЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое **бюджет**-*ке т.*; **бюдже́тный год** бюджет жылы.

**БЮЛЛЕТЕ'НЬ** *м.* 1. бюллетень (*коомдук мааниси бар окуялар жөнүндө берилген кыскача официалдык кабар*); 2. бюллетень (*маалымат жана колдонмо үчүн бир мекеме тарабынан чыгарылган официалдык журнал*); 3. бюллетень; **избира́тельный бюллете́нь** шайлоо бюллетени; 4. (*больничный лист*) бюллетень (*оорулуу кишиге врачтын берген кагазы*); **получа́ть посо́бие по бюллете́ню** бюллетень боюнча жардам акча алуу.

**БЮРО'** I *ср. нескл.* 1. бюро (*бир уюмга жетекчилик кылуучу адамдардын составы же белгилүү милдетти аткаруу үчүн мекеме же коом тарабынан бөлүнүп коюлган адамдардын составы*); **парти́йное бюро́** партиялык бюро; 2. бюро (*кандайдыр бир мекеменин канцеляриясы, конторасы, жайгаштыруу органы*); **спра́вочное бюро́** справка бюросу; **бюро́ пого́ды** аба ырайынын бюросу.

**БЮРО'** II *ср. нескл.* (*конторка*) бюро (*көбүнчө канцелярийда же конторада болуучу тартмалуу стол*).

**БЮРОКРА'Т** *м.* бюрократ (1. *иштин формалдык гана жагын карап, анын негизги мазмунуна көңүл бурбаган адам*; 2. *уст. буржуазиялык мамлекеттерде жогорку администрацияга таандык чоң чиновник*).

**БЮРОКРАТИ'ЗМ** *м.* бюрократизм (1. *төрөчүлдүк, массадан обочолоп мекеме аркылуу гана башкаруу системасы*; 2. *перен. өз милдетине кайдигер кароочулук; массанын талаптарын эске албоочулук*).

**БЮРОКРАТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое бюрократтык; **бюрократи́ческое отноше́ние к де́лу** ишке бюрократтык мамиле кылуу.

**БЮРОҚРА'ТИЯ** *ж.* бюрократия (*массадан обочолоп, мекеме аркылуу гана башкаруу системасы*).

**БЮСТ** *м.* бюст (1. *кишинин белден жогору жагынын бир нерседен куюлган же жасалган сүрөтү*; 2. *аялдын эмчеги*).

**БЮСТГА'ЛЬТЕР** *м.* бюстгальтер (*эмчек тарткыч, чыптама*).

**БЯ'ЗЕВЫЙ**, -ая, -ое **бязь**-*га т.*

**БЯЗЬ** *ж.* бөз (*кездеменин бир түрү*).

# В

**В (ВО)** *предлог* 1. *с вин. п.* (*при обозначении направления действия — на вопрос «куда?»*) -га; **войти́ в дом** үйгө кирүү; **в Москву́** Москвага; **ме́тить в цель** бутага мээлөө; **поступи́ть в университе́т** университетке кирүү; **вступи́ть в па́ртию** партияга кирүү, партияга өтүү; **избра́ть в прези́диум** президиумга шайлоо; 2. *с предл. п.* (*при обозначении места — на вопрос «где?»*) -да; **я́блоки лежа́т в я́щике** алма ящиктин ичинде, алма ящикте; **жить в Москве́** Москвада туруу; **учи́ться в университе́те** университетте окуу; **в прези́диуме** президиумда; 3. *с вин. и предл. п.* (*при опре-

www.bizdin.kg

*делении качества, свойства, состояния, вида чего-л.)* ⁼ган, ⁼да, ⁼луу; **рису́нок в кра́сках** боёлгон сүрөт; **тетра́дь в кле́тку** чакмак сызыктуу дептер, чакмакталган дептер (*чакмактап сызылган дептер*); **пла́тье в пя́тнах** темгилденген көйнөк; **лека́рство в порошка́х** күл майдаланган дары, майдаланган дары; **чита́ть в очка́х** көз айнекчен окуу; **в фо́рме ша́ра** шар формасында, шар формалуу; **в еди́нственном числе́** жекелик санда; 4. *с вин. и предл. п.* (*при обозначении времени — на вопрос «когда?»*) ⁼да, ⁼ы; **в январе́** январда; **в 1955 году́** 1955 жылы; **в про́шлом году́** өткөн жылы; **в по́лдень** шашкеде; **в тот день** ошол күнү; **в ночь на суббо́ту** ишембинин түнүндө, **в настоя́щее вре́мя** азыркы убакытта; **в двадца́том ве́ке** жыйырманчы кылымда; **во второ́м часу́** экинчи саатта; **в че́тверть второ́го** бирден он беш минута өткөндө; **в оди́н день** бир күндө; **в де́тстве** бала чакта, бала кезде; **е́хать со ско́ростью со́рок киломе́тров в час** саатына кырк километр ылдамдык менен жүрүү; 5. *с вин. и предл. п.* (*для указания количества, размера, веса*) ⁼да, ⁼луу, ⁼дагы; **ко́мната в два́дцать ме́тров** жыйырма метр өлчөмүндөгү бөлмө; **ве́сом в одну́ то́нну** бир тонна салмагында; **цено́й в три рубля́** баасы үч сом; **коме́дия в трёх а́ктах** үч актылуу комедия; 6. *с вин. п.* (*при указании на изменение вида, состояния*) ⁼га; **преврати́ть в пар** бууга айландыруу; **изорва́ть в кло́чья** быт-чытын чыгарып тытуу; **преврати́ть в разва́лины** урандыга (кыйрандыга) айландыруу; 7. *с вин. п.* (*при обозначении игры*): **игра́ть в ша́хматы** шахмат ойноо; **игра́ть в футбо́л** футбол ойноо; **игра́ть в ка́рты** карта ойноо; 8. *с вин. п.* (*со словом «раз» при сравнении*) эсе; **в три ра́за то́лще** үч эсе калың (жоон); **в три ра́за бо́льше** үч эсе көп, үч эсе арбын, үч эсе чоң; **в два ра́за ме́ньше** эки эсе аз, эки эсе кичине; 9. *с вин. п.* (*при указании на семейное сходство*) так; **ма́льчик весь в отца́** бала атасынын так өзү; 10. *с предл. п.* (*при обозначении расстояния*) ⁼да; **в двух киломе́трах от го́рода** шаардан эки километр аралыкта; **в двух шага́х от меня́** менден эки кадам аралыкта; 11. *с предл. п.* (*для обозначения избытка, преимущества, а также недостатка или разницы в отношении каких-л. предметов, явлений*) ⁼да, ⁼ды, ⁼дагы; **ра́зница в года́х** жаштагы айырма; **оши́бка в пяти́ копе́йках** жаңылыштык беш тыйында; **просчёт в рубле́** жаңылыш эсеп бир сомдо; ◇ **зна́ток в жи́вописи** живописти билгич; **в тече́ние** ичинде; **в том числе́** ошонун ичинде; **в ка́честве** катарында, болуп; **в конце́ концо́в** эң аягында, акыры аягында; **сказа́ть в шу́тку** тамашалап айтуу; **в насме́шку** шылдыңдап, мазактап; **во-пе́рвых** биринчиден; **во-вторы́х** экинчиден; **в-тре́тьих** үчүнчүдөн; **в-пя́тых** бешинчиден.

**В⁼ (ВО⁼, ВЪ⁼)** *приставка; төмөндөгүлөрдү көрсөтүүчү приставка:* 1) *кыймыл-аракеттин бир нерсенин ичине карата багытталганын көрсөтөт; мис.* **входи́ть** кирүү, ичине кирүү; **вбежа́ть** жүгүрүп кирүү, ичине жүгүрүп кирүү; 2) *«ся» частицасы жалганганда бир нерсенин ичине багытталган кыймыл-аракеттин бир чекке жеткенин көрсөтөт; мис.* **вслу́шаться** көңүл коюп угуу, көңүл коюп тыңшоо, ыкылас менен кулак салуу, ыкылас менен угуу.

**ВА-БА́НК** *нареч. карт.* ва-банк (*үстөк, карта оюнунда «бардык банкты тостум» деп айтуу*); **идти́ ва-ба́нк** *перен.* тобокел кылуу.

**ВА́БИК** *м. охот.* вабик (*айбандардын же куштардын үнүн туурап чакыруучу чыйпылдак*).

**ВА́БИТЬ** *несов. кого-что, охот.* айбандарды же куштарды вабик менен алдап чакыруу.

**ВА́ГА** *ж.* вага (1. *чоң тараза;* 2. *оор нерселерди көтөрүү үчүн колдонулуучу узун жыгач*).

**ВАГО́Н** *м.* вагон; **това́рный ваго́н** товар вагону, товардык вагон; **пассажи́рский ваго́н** пассажир вагону, пассажирдик вагон; **трамва́йный ваго́н** трамвай вагону; **плацка́ртный ваго́н** плацкарталуу вагон; **мя́гкий ваго́н** жумшак вагон; **жёсткий ваго́н** катуу вагон; **бага́жный ваго́н** багаж вагону; **ваго́н-рестора́н** вагон-ресторан.

**ВАГОНЕ́ТКА** *ж.* вагонетка (*жакын аралыкка жүк ташуучу үстү ачык кичине вагон*).

**ВАГО́ННЫЙ,** -ая, -ое **вагон**-*го т.*; **ваго́нная ось** вагон огу.

**ВАГОНОВОЖА́ТЫЙ** *м.* вагоновожатый (*трамвай вагонун жүргүзүүчү адам*).

**ВАГОНОРЕМО́НТНЫЙ,** -ая, -ое вагондорду ремонт кылуучу; **вагоноремо́нтный заво́д** вагондорду ремонт кылуучу завод.

**ВАГОНОСТРОЕ́НИЕ** *ср.* вагон курулушу, вагон жасоо.

**ВАГОНОСТРОИ́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое вагон куруучу; **вагоностро́ительный заво́д** вагон куруучу завод.

**ВАГРА́НКА** *ж. тех.* вагранка (*заводдо чоюнду жана түстүү металлдарды эритүүчү кичине меш*).

**ВА́ЖНИЧАТЬ** *несов. разг.* бой көтөрүү, чоңсунуу, кекирейүү.

**ВА́ЖНО** 1. *нареч.* (*с важным видом*) кекирейген түр менен, кекирейип, бой көтөрүп; 2. *безл. в знач. сказ.* зарыл, керек; **ему́ ва́жно знать э́то** ага муну билүү зарыл.

**ВА́ЖНОСТЬ** *ж.* 1. (*значительность*) чоң маанилүүлүк, зор маанилүүлүк, эң керектүүлүк; **ва́жность вопро́са** маселенин зор маанилүүлүгү; 2. (*высокомерие*) бой көтөрүүчүлүк, кекирейүүчүлүк; ◇ **велика́ ва́жность** *или* **э́ка ва́жность** *разг.* эч кыса жок, никеси бузулбайт.

**ВА́ЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*значительный*) чоң маанилүү, зор маанилүү, эң керектүү; **ва́жный вопро́с** зор маанилүү маселе; **ва́жное собы́тие** зор маанилүү окуя; **ва́жный морско́й путь** эң маанилүү деңиз жолу; 2. (*высокомерный*) бой көтөргөн, кекирейген; **с ва́жным ви́дом** кекирейген түр менен, кекирейип, бой көтөрүп.

**ВА́ЗА** *ж.* ваза (*жемиш, гүл салынып, коюздук үчүн коюла турган идиш*).

**ВАЗЕЛИ́Н** *м.* вазелин (*медицинада, техникада, косметикада колдонулуучу май*).

**ВАЗЕЛИ́НОВЫЙ,** -ая, -ое **вазелин**-*ге т.*; **вазели́новое мы́ло** вазелин самын.

**ВАЗО́Н** *м.* вазон (*ичине гүл өстүрүлүүчү карапа*).

**ВАКА́НСИЯ** *ж.* вакансия (*мекемелерде кызматчы алынуучу бош орун*).

**ВАКА́НТНЫЙ,** -ая, -ое ваканттуу (*бош*); **вака́нтная до́лжность** ваканттуу кызмат орду.

**ВА́КСА** *ж.* вакса (*өтүк май*).

**ВА́КСИТЬ** *несов. что* вакса менен жылтыратып майлоо, вакса менен майлап жылтыратуу.

**ВА́КУУМ** *м. тех.* вакуум (*туюк кылып бекитилген идиштин ичиндеги абанын эң сейректелген абалы*).

**ВАКХАНА́ЛИЯ** *ж.* 1. *чаще мн. ист.* вакханалия (*байыркы гректердин жана байыркы римдиктердин Вакха — ичкиликтин жана көңүл ачуунун кудайына арналган майрамдары*); 2. *перен.* (*оргия*) вакханалия (*ашыра, чектен тыш ичкиликтүү жыйын*); 3. *перен.* (*беспорядок*) вакханалия (*жүгөнсүздүк, ашкан тартипсиздик*).

**ВАКХА́НКА** *ж.* вакханка (1. *ист. Байыркы Грециянын Вакх деген кудайына кызмат кылуучу аял;* 2. *перен. эң эле ойноочул, аягы суюк аял*).

**ВАКЦИ́НА** *ж. мед.* вакцина (*жугуштуу ооруларга каршы эмдөө үчүн колдонула турган препарат*).

**ВАКЦИНА́ЦИЯ** *ж. мед.* вакцинация (*жугуштуу оорулардан сактануу үчүн вакцина менен эмдөө*).

**ВАЛ** I *м.* (*волна*) чоң толкун.

**ВАЛ** II *м.* (*насыпь*) жал, тосмо (*үйүлгөн, кырдалган топурак; топурактан жасалган жал*); **крепостно́й вал** крепосттук жал.

**ВАЛ** III *м. тех.* вал (*ар түрдүү механизмдердин огунда айлануучу цилиндр*).

www.bizdin.kg

**ВАЛА'НДАТЬСЯ** *несов. разг.* сандалып жүрүү, эшек такалоо, пайдасыз иш менен алпурушуу.

**ВАЛЕ'ЖНИК** *м. собир.* токойдо жаткан бутак-сутактар.

**ВАЛЁК** *м.* 1. (*бельевой*) калтек (*жуулган кирди таптоочу жалпак токмок*); 2. *полигр.* валёк (*наборго, терилген арип-тердин үстүнө боёкту жүктүрүү үчүн колдонулуучу цилиндр*); 3. (*у экипажа*) валёк (*постромкаларды экипажга бириктирүү үчүн колдонулат*).

**ВА'ЛЕНКИ** *мн.* (*ед.* **валенок** *м.*) кийиз өтүк, пима.

**ВАЛЕ'НТНОСТЬ** *ж. хим.* валенттүүлүк (*бир элементтин атомунун водороддун белгилүү бир сандагы атомдору менен кошула алуу жөндөмдүүлүгү*).

**ВАЛЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое *хим.* валенттүү.

**ВАЛЕРЬЯ'НА** *ж. бот.* валерьяна (*дары өсүмдүгү*).

**ВАЛЕРЬЯ'НКА** *ж. разг.* валерьянка; *см.* **валерья́новый (валерья́новые ка́пли)**.

**ВАЛЕРЬЯ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **валерьяна**-*га т.*; валерьяндуу; **валерья́новые ка́пли** валерьяна тамчысы (*дары*).

**ВАЛЕ'Т** *м.* балта (*карта ойнунда*).

**ВА'ЛИК** *м.* валик (1. *тех. кичирээк вал*; 2. *тех. тыбыш жазууга ылайыкталган фонографтагы момдуу цилиндр*; 3. *дивандын эки башына коюлган жумуру жаздык*).

**ВАЛИ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*сбрасывать, опрокидывать, обрушивать*) кулатуу, жыгуу; **урага́н вали́л дере́вья** аябаган катуу шамал дарактарды кулатты; 2. *что, разг.* (*в одно место*) бир жерге таштоо, баш аламан үйүп жыюу (*в беспорядке*); **вали́ть в одну́ ку́чу** 1) бир үймөккө баш аламан үйүү; 2) *перен.* баш аламан эле жыйнай берүү; 3. *что на кого, перен. разг.* оодаруу, оодара салуу, жүктөй салуу; **вали́ть вину́** *на кого-л.* күнөөнү *бирөөгө* оодаруу; 4. *разг.* (*идти толпой*) каптоо, жабылуу, калың болуп жапырт кирүү; **наро́д вали́л на пло́щадь** калың эл аянтка жапырт чогулуп жатты, эл аянтты каптап кетти; 5. (*густой массой*) оргуштап чыгуу, лапылдап жааш; **дым вали́л из трубы́** мордон түтүн оргуштап чыгып жатты; **вали́л густо́й снег** калың кар лапылдатып жаап турду.

**ВАЛИ'ТЬСЯ** *несов.* (*падать*) кыйшаюу, абдан чарчоо, жыгылуу; **вали́ться на́ бок** кыйшаюу, жамбаштап жатуу; **вали́ться с ног** (*от усталости*) абдан чарчоо, бут шилтөөгө келбей абдан чарчоо; **всё ва́лится из рук** көңүл чаппай калып, колдон эч нерсе келбей жатат.

**ВА'ЛКИЙ,** -ая, -ое калкылдак, оодарылгыч; **ва́лкая ло́дка** калкылдак кайык; ◇ **ни ша́тко ни ва́лко** *погов.* ачтан өлбөс, көчтөн калбас.

**ВАЛОВО'Й,** -а́я, -о́е дүң, бардык, жалпы; **валово́й дохо́д** дүң доход, бардык доход; **валово́й сбор зерна́** эгиндин жалпы (дүң) түшүмү; **валова́я проду́кция** жалпы (дүң) продукция.

**ВАЛО'М** *нареч.*: **пу́блика вало́м вали́т** калың эл жапырт кирип жатат.

**ВАЛТО'РНА** *ж. муз.* валторна (*жезден жасалган музыкалык инструмент*).

**ВАЛТОРНИ'СТ** *м.* валторнист (*валторнада ойноочу музыкант*).

**ВАЛУ'Н** *м.* валун, тоо таш (*мөңгүдөн пайда болгон, тоо тектерине кирүүчү тегерек тарткан зор таш*).

**ВА'ЛЬДШНЕП** *м. зоол.* вальдшнеп (*чулдук сымал токой куштарынын бир түрү*).

**ВАЛЬС** *м.* вальс (1. *танецтин бир түрү*; 2. *ушул танецтин музыкасы*).

**ВАЛЬСИ'РОВАТЬ** *несов.* вальс бийлөө.

**ВАЛЬЦЕВА'ТЬ** *несов. что, тех.* вальцовкалоо (*валдын ортосу менен жүргүзүү, иштетүү*); **вальцева́ть желе́зо** темирди вальцовкалоо.

**ВАЛЬЦО'ВКА** *ж. тех.* 1. (*действие*) вальцовкалоо; 2. (*машина*) вальцовка (*вальцалагыч машина*).

**ВАЛЬЦО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое вальцовкалоочу; **вальцо́вочный цех** вальцовкалоочу цех.

**ВАЛЬЦО'ВЩИК** *м.* вальцовщик (*вальцовкалоочу жумушчу*).

**ВАЛЬЦО'ВЫЙ,** -ая, -ое вальцовкалоочу; **вальцо́вая ме́льница** вальцовкалоочу тегирмен.

**ВАЛЬЦЫ'** *мн.* (*ед.* **валёц** *м.*) вальцы (1. *механизмдердин огунда айлануучу цилиндрлер*; 2. *валдуу станок*).

**ВАЛЮ'ТА** *ж. эк.* валюта (*кандайдыр бир өлкөнүн акча единицасы, мис. сом, доллар, франк ж. б.*); **твёрдая валю́та** туруктууу валюта (*алтын же башка баалуу нерселер менен камсыз кылынган валюта*); **иностра́нная валю́та** чет өлкө валютасы.

**ВАЛЮ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **валюта**-*га т.*; валюталык; **валю́тный курс** валюта курсу (*бир өлкөнүн валютасынын экинчи бир өлкөнүн валютасы менен көрсөтүлгөн баасы*).

**ВАЛЯ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **валяние**-*ге т.*; **валя́льное произво́дство** жүндөн же тыбыттан басып, кийиз өтүк ж. б. жасоо.

**ВАЛЯ'ЛЬЩИК** *м.* жүн же тыбыттан ар түрдүү нерсе басып, кийиз өтүк ж. б. жасоочу жумушчу.

**ВАЛЯ'НИЕ** *ср.* басуу (*жүн же тыбыттан ар түрдүү нерсе басып чыгаруу*).

**ВА'ЛЯНЫЙ,** -ая, -ое басылган, жүндөн басылган; **ва́ляные сапоги́** *см.* **ва́ленки.**

**ВАЛЯ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* сүйрөө, оодаруу, оонатуу, тоголотуу; **валя́ть в снегу́** кардын үстүнө сүйрөө; **валя́ть по́ полу** полдун үстүндө сүйрөө; **валя́ть те́сто в муке́** камырды унга оонатуу; 2. *что* (*скатывать*) томолоктоо, жумалактоо; **валя́ть ком из сне́га** карды томолоктоо; 3. *что* (*сбивать из шерсти*) басуу; **валя́ть во́йлок** кийиз басуу; ◇ **валя́ть дурака́** *разг.* акмактын ишин кылуу.

**ВАЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*лежать не на месте, в беспорядке*) чачылып жатуу; **бума́жки валя́ются на полу́** кагаз полдо чачылып жатат; 2. (*лежать бездельничая*) эчтеке кылбай бекер жатуу; **валя́ться на дива́не** эчтеке кылбай диванда бекер жатуу; 3. оонoo, оонап жатуу, ооналактап жатуу; **валя́ться в снегу́** карга оонoo; ◇ **валя́ться в нога́х** *разг.* бутуна жыгылуу, бутун кучактоо.

**ВАМ** *мест. личн. дат. п. от* **вы** силерге; сизге, сиздерге (*вежливая форма*); **друзья́, вам на́до торопи́ться** курдаштар, силерге шашылуу керек; **я вам, това́рищ, благода́рен** мен сизге, жолдош, ыраазымын.

**ВА'МИ** *мест. личн. твор. п. от* **вы** силерге; сиз менен, сиздер менен, сиздин, сиздердин (*вежливая форма*); **де́ти, я ва́ми дово́лен** балдар, мен силерге ыраазымын; **това́рищ, моя́ о́чередь за ва́ми** жолдош, менин кезегим сиздин артыңызда.

**ВАМПИ'Р** *м.* 1. *фольк.* вампир (*жомоктордо — мүрзөдөн чыгып, тирүү адамдардын канын соруучу өлүк*); 2. *зоол.* вампир (*эт менен тамактануучу ири жарканат*); 3. *перен.* вампир, кан соргуч, мыкачы, канкор, кан ичкич.

**ВАНА'ДИЙ** *м. хим.* ванадий (*химиялык элемент*).

**ВАНДА'Л** *м.* вандал (*маданият байлыктарын кыйратуучу, варвар*).

**ВАНДАЛИ'ЗМ** *м.* вандализм (*маданият байлыктарын ырайымсыздык менен талкалоо*).

**ВАНИ'ЛЬ** *ж.* ваниль (*тропиктик өсүмдүктүн бир түрү жана ошол өсүмдүктүн жемиши*).

**ВАНИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **ваниль**-*ге т.*; **вани́льный порошо́к** ваниль порошогу.

**ВА'ННА** *ж.* 1. (*сосуд*) ванна; **сесть в ва́нну** ваннага отуруу; 2. (*купание*) чөмүлүү, киринүү; **приня́ть ва́нну** чөмүлүү; 3. *мед.* ванна (*денеге абанын таасирин, күндүн жарыгынын жана башкалардын таасирин тийгизүү аркылуу эмдөө процедурасы*); **со́лнечная ва́нна** күн ваннасы.

**ВА'ННАЯ** *ж.* ванна бөлмөсү,ванналуу бөлмө.

**ВА'ННЫЙ,** -ая, -ое **ванна**-*га т.*; ванналык; **ва́нная ко́мната** *см.* **ва́нная.**

**ВА'НТЫ** *мн.* (*ед.* **ва́нта** *ж.*) *мор.* ванталар (*мачтаны бекитип туруучу жоон аркандар*).

www.bizdin.kg

**ВАР** *м.* вар (*кайнатылып коюуланткан чайыр*).

**ВА'РВАР** *м.* 1. *ист.* варвар (*байыркы гректер жана римдиктер башка жердин кишилерин «варвар» деп аташкан*); 2. *перен.* олдоксон, орой, маданиятсыз киши.

**ВАРВАРИ'ЗМ** *м. лингв.* варваризм (*башка бир тилден алынган, бирок ушул тилдин ичинде жат болуп кала берген сөз же сүйлөм*).

**ВА'РВАРСКИЙ,** -ая, -ое 1. **варвар** 1-*ге т.*; 2. *перен.* маданиятсыз, эң эле орой, одоно.

**ВА'РВАРСТВО** *ср.* варварчылык (*орой жана жапайы мүнөздүүлүк; маданият байлыктарына наадандык, ырайымсыздык менен одоно мамиле кылуу*).

**ВАРГА'Н** *м. муз.* темир комуз.

**ВА'РЕВО** *ср. разг.* кайнатылып бышырылган суюк тамак.

**ВА'РЕЖКИ** *мн.* (*ед.* **ва́режка** *ж.*) салаасыз мээлей.

**ВАРЕНЕ'Ц** *м.* жуурат (*бышырган сүттөн уютулган жуурат*).

**ВАРЕ'НИЕ** *ср.* бышыруу, кайнатуу.

**ВАРЕ'НИКИ** *мн.* (*ед.* **варе́ник** *м.*) ичине быштак салып бышырган чүчпара.

**ВАРЁНЫЙ,** -ая, -ое бышырылган; **варёное мя́со** бышырылган эт.

**ВАРЕ'НЬЕ** *ср.* варенье; **вишнёвое варе́нье** чие варенье; **пить чай с варе́ньем** варенье менен чай ичүү.

**ВАРИА'НТ** *м.* 1. (*разновидность*) вариант (*бир нерсенин башкача түрү же бир нерсенин мүмкүн болгон түрдүүлүгүнүн бирөө*); **два вариа́нта техни́ческого прое́кта** техникалык проектинин эки варианты; 2. *лит.* вариант (*адабий чыгарманын негизгисинен айырмасы бар тексти*); 3. *шахм.* вариант (*оюндун ушул абалында жүрүү комбинацияларынын мүмкүн болгон кандайдыр бир жолу*).

**ВАРИАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **вариация** 1-*ге т.*; вариациялык; **вариацио́нное исчисле́ние** *мат.* вариациялап эсептөө (*жогорку математиканын бир бөлүмү*).

**ВАРИА'ЦИЯ** *ж.* 1. вариация (*бир нерсенин айрым майда-чүйдө деталдарынын түрүн өзгөртүү*); 2. *муз.* вариация (*ошол эле музыкалык теманын түрүн өзгөртүп ойноо*); **те́ма с вариа́циями** вариациялуу тема.

**ВАРИ'ТЬ** *несов. что* 1. бышыруу, кайнатуу; **вари́ть мя́со** эт бышыруу; **вари́ть варе́нье** варенье кайнатуу; **вари́ть пи́во** пиво жасоо, пиво ачытуу; 2. *тех.* эритүү; **вари́ть сталь** болот эритүү; ◇ **желу́док хорошо́ ва́рит** ашказан жакшы иштейт.

**ВАРИ'ТЬСЯ** *несов.* бышуу, бышырылуу, кайнап бышуу, кайнатып бышырылуу; ◇ **вари́ться в со́бственном соку́** өзү менен өзү боло берүү (*тар чөйрөдөн, тар таламдардын чегинен четке чыкпоо*).

**ВА'РКА** *ж.* бышыруу, кайнатуу.

**ВА'РНИЦА** *ж.* тузкана (*шор сууну кайнатып, тузун ажыратып алуучу ишкана*).

**ВАРЬИ'РОВАТЬ** *несов. что* вариациялатуу (*өзгөртүп өзгөртүү, түрүн өзгөртүү, ар түрдүүлөө*).

**ВАРЯ'ГИ** *мн.* (*ед.* **варя́г** *м.*) варягдар (*норман уруусунун аты*).

**ВАРЯ'ЖСКИЙ,** -ая, -ое **варяг**-*га т.*; варягдык; **варя́жское су́дно** варягдык кеме.

**ВАС** *мест. личн. род., вин. и предл. п. от* **вы** силерди; сизди, сиздерди (*вежливая форма*); **мы по́мним о вас** биз силерди эсте тутабыз; **мы ждём вас** биз сизди күтүп жатабыз; **у вас** сизде, сиздерде, сиздикинде, сиздердикинде, **кто из вас...?** кимиңер...?; кайсыныңар...?

**ВАСИЛЁК** *м. бот.* козу уйгак (*раскидистый*); кекире (*горький*).

**ВАСИЛЬКО'ВЫЙ,** -ая, -ое ачык көк түстүү; **пла́тье василько́вого цве́та** ачык көк түстүү көйнөк.

**ВАССА'Л** *м.* вассал (1. *ист. өзүнөн бир кыйла ири феодалга көз каранды болуп, ага ар түрдүү салымдар төлөп туруучу ири жер ээси — феодал*; 2. *перен. көз каранды, башка бир адамдын же мамлекеттин кол алдында көз каранды болгон*).

**ВАССА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **вассал** 1-*ге т.*; вассалдык; **васса́льная зави́симость** вассал катарында көз каранды болгон, вассалдык көз карандылык; **васса́льное госуда́рство** вассалдык мамлекет.

**ВА'ТА** *ж.* вата, пахта, кебез; **пальто́ на ва́те** вата салынган (вата салып астарланган) пальто.

**ВАТА'ГА** *ж.* топ, бир топ; **вата́га ребяти́шек** балдардын тобу.

**ВА'ТЕР** *м. тех.* ватер (*пахтаны, зыгырдын буласын, жүндү ийрүүчү машина*).

**ВАТЕРЛИ'НИЯ** *ж. мор.* ватерсызык (*кеменин сууга канчалык батып туруу керек экендигин көрсөтүп туруучу, кеменин бортуна сызылган сызык*).

**ВАТЕРМАШИ'НА** *ж. см.* **ва́тер.**

**ВА'ТЕРНЫЙ,** -ая, -ое **ватер**-*ге т.*; **ва́терный цех** ватер цехи.

**ВАТЕРПА'С** *м. тех.* ватерпас (*сызыктын же түздүктүн горизонталдуу абалын аныктоо үчүн колдонулуучу аспап*).

**ВАТЕРПО'ЛО** *ср. нескл. спорт.* ватерполо (*суунун үстүнө топ ойноо*).

**ВАТИ'Н** *м.* ватин (*жылуу кийимге астар кылуу үчүн колдонулуучу трикотаж туктүү ткань*).

**ВА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **вата**-*га т.*; **ва́тное произво́дство** вата өндүрүшү; **ва́тное одея́ло** пахтадан жасалган жууркан, пахта салынган жууркан.

**ВАТРУ'ШКА** *ж.* ватрушка (*бетине быштак салынып, тегереги кырдалып бышырылган токоч*).

**ВАТТ** *м. тех.* ватт (*электр же механика кубатынын единицасы*).

**ВА'ФЛЯ** *ж.* вафля (*унга жумуртка жана каймак аралаштырып жуурулуп, бети тордолуп бышырылган печенье*).

**ВА'ХМИСТР** *м. воен. уст.* вахмистр (*падышалык армиянын атчан аскерлериндеги унтер-офицердик чин, пехотадагы фельдфебелдик чинге туура келет*).

**ВА'ХТА** *ж.* вахта (*дежурство же кеме экипажынын дежурствого чыккан бөлүмү*); **нести́ ва́хту** вахтага чыгуу; **трудова́я ва́хта** эмгек вахтасы; ◇ **ва́хта ми́ра** тынчтык вахтасы.

**ВА'ХТЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. **вахта**-*га т.*; **ва́хтенный журна́л** вахта журналы; 2 *в знач. сущ. м.* кароолчу (*согуш кемесиндеги кароолчу матрос*).

**ВА'ХТЕР** *м.* вахтер (*мекеменин дежурстводо турган сторожу*).

**ВАШ** *мест. притяж.* силердики, силердин; сиздики, сиздердики, сиздин, сиздердин (*вежливая форма*); **ваш друг** сиздин дос.

**ВА'ША** *женск. р. к* **ваш.**

**ВА'ШЕ** *ср. р. к* **ваш.**

**ВА'ШИ** *мн.* 1. *мест. притяж.* силердики, силердин; сиздики, сиздердики, сиздин (*вежливая форма*); **ва́ши кни́ги** силердин китептер; 2. *в знач. сущ.* силердики, үйдөгүлөрүңөр; **как ва́ши пожива́ют?** силердин үйдөгүлөрүңөр кандай турушат?

**ВАЯ'НИЕ** *ср.* (*действие*) бир нерсенин сүрөтүн, тулкусун оюп же чаап жасоо.

**ВАЯ'ТЕЛЬ** *м. уст. см.* **ску́льптор.**

**ВАЯ'ТЬ** *несов. что, уст.* бир нерсенин сүрөтүн, тулкусун оюп же чаап жасоо.

**ВБЕГА'ТЬ** *несов. см.* **вбежа́ть.**

**ВБЕЖА'ТЬ** *сов.* жүгүрүп кирүү.

**ВБИВА'ТЬ** *несов. см.* **вбить.**

**ВБИРА'ТЬ** *несов. что* өзүнө тартып алуу, өзүнө жутуп алуу, өзүнө сиңирип алуу; **гу́бка вбира́ет во́ду** губка сууну өзүнө тартып алат.

www.bizdin.kg

**ВБИТЬ** *сов. что* кагып киргизүү; **вбить гвоздь в стéну** мыкты дубалга кагып киргизүү; ◇ **вбить себé** *что-л.* **в гóлову** болбогон бир ойду башынан чыгарбоо.

**ВБЛИЗИ′** 1. *нареч.* жакын жерде, жакын жерден; **рассмотрéть вблизи́** жакындан кароо; 2. *предлог с род. п.* =га жакын жерде; **вблизи́ от гóрода** шаарга жакын жерде.

**ВБРОД** *нареч.* кечип; **перейти́ рекý вброд** өзөндү кечип өтүү.

**ВВА′ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **ввали́ться.**

**ВВАЛИ′ТЬСЯ** *сов.* 1. (*упасть внутрь, вглубь*) ой жерге, чуңкур жерге кулап кетүү; **ввали́ться в я́му** чуңкурга кулап кетүү; 2. (*стать впалым*) чуңкураюу, ичине кирүү, үңүрөйүү; **у больнóго ввали́лись щёки** оорунун жаагы ичине кирип кетти; 3. *перен. разг.* уят-сыйытсыз кокусунан калжактап кирип келүү; **он ввали́лся в кóмнату** ал бөлмөгө калжактап кирип келди.

**ВВЕДЕ′НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) ишке ашыруу; **введéние всеóбщего десятилéтнего обучéния** он жылдык жалпы окууну иш жүзүнө ашыруу; 2. (*предисловие*) киришме, кириш, кириш сөз; **введéние к кни́ге** китептин киришмеси; **введéние в языкознáние** тил илимине киришүү бөлүмү.

**ВВЕЗТИ′** *сов.* 1. *кого-что* тартып кирүү, тартып киргизүү (*унаа, автомобиль ж. б. менен*); **ввезти́ сéно во двóр** чөптү короого тартып киргизүү; 2. *что, эк.* четтен келтирүү (*чет мамлекеттен товарлар сатып алуу*).

**ВВЕК** *нареч. разг.* эч качан, эч убакта; **я ввек э́того не забýду** бул эч качан, түбөлүккө эсимден чыкпайт, муну мен эч качан унутпайм.

**ВВЕРГА′ТЬ** *несов. см.* **ввéргнуть.**

**ВВЕ′РГНУТЬ** *сов. кого-что* 1. *уст.* (*насильно поместить куда-л.*) зордоп бир жерге коюу (киргизүү, отургузуу, салуу); **ввéргнуть в темни́цу** зынданга отургузуу, түрмөгө салуу; 2. *перен.* дуушар кылуу; **ввéргнуть в отчáяние** үмүтсүздүккө дуушар кылуу.

**ВВЕ′РЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вверить;** 2. *прил.* *бирөөнүн* карамагында жана жоопкерчилигинде туруучу; **ввéренное емý учреждéние** анын карамагындагы мекеме.

**ВВЕ′РИТЬ** *сов. что кому* ишенип тапшыруу, ишенип айтуу, ишенип билдирүү; **ввéрить тáйну** жашырын сырды ишенип айтуу (билдирүү).

**ВВЕ′РИТЬСЯ** *сов. кому* ишенип, анын ыктыярына берилүү.

**ВВЕРНУ′ТЬ** *сов.* 1. *что* (*ввинтить*) бурап киргизүү; **ввернýть винт** виштти бурап киргизүү; 2. *перен. разг.* (*вставить в разговор*) кыстыруу, кыстыра салуу; **ввернýть словéчко** сөз кыстыра салуу.

**ВВЁРТЫВАТЬ** *несов. см.* **ввернýть.**

**ВВЕРХ** *нареч.* жогору, өөдө, жогору карай, өөдө карай; **подня́ться вверх по лéстнице** тепкич менен жогору көтөрүлүү (чыгуу); **плыть вверх по рекé** суунун башын көздөй сүзүү; ◇ **вверх дном** *разг.* баш аламан; **перевернýть всё вверх дном** чак-челекейин түшүрүү, баш аламан кылуу; **рýки вверх!** көтөр колуңду!

**ВВЕРХУ′** *нареч.* өөдө жакта, өөдө жагында, жогору жакта, жогору жагында, үстүндө.

**ВВЕРЯ′ТЬ** *несов. см.* **ввéрить.**

**ВВЕРЯ′ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ввéриться;** 2. *страд. к* **вверя́ть.**

**ВВЕСТИ′** *сов.* 1. *кого-что* киргизүү; **ввести́ войскá в гóрод** аскерди шаарга киргизүү; 2. *кого, перен.* (*вовлечь*) дуушар кылуу, кириптер кылуу; **ввести́ в заблуждéние** адаштыруу, жаңылыштыруу; жаңылтып (*чаташтырып*) жиберүү; 3. *кого, перен.* (*ознакомить*) тааныштыруу; **ввести́ в курс собы́тий** окуялар менен тааныштыруу; 4. *что* (*установить*) киргизүү; **ввести́ в употреблéние** колдонууга киргизүү; **ввести́ нóвый закóн** жаңы закон киргизүү; **мы ввели́ нóвые техни́ческие мéтоды в произвóдство** биз өндүрүшкө жаңы техникалык методдорду киргиздик; ◇ **ввести́ в строй** аракетке келтирүү; **ввести́ в дéйствие** кыймылга келтирүү, аракетке келтирүү; **ввести́ в наслéдство** *юр.* мурасты законго ылайыктап берүү.

**ВВИДУ′** *предлог с род. п.* натыйжасында, себептүү, болгондуктан; **ввидý э́того** ушундай болгондуктан; **ввидý моегó отсýтствия** мен жок болгондуктан; **ввидý отсýтствия доказáтельств** далилдер жок болгон себептүү.

**ВВИНТИ′ТЬ** *сов. что* бурап киргизүү; **ввинти́ть гáйку** гайканы бурап киргизүү.

**ВВИ′НЧИВАТЬ** *несов. см.* **ввинти́ть.**

**ВВОД** *м.* 1. (*действие*) киргизүү, киргизилүү, берүү; **ввод проводóв** *тех.* сымды киргизүү; **ввод завóда в эксплуатáцию** заводду эксплуатацияга берүү; 2. (*место*) киргизилүүчү орун; **ввод для телефóна** *тех.* телефон киргизилүүчү орун; ◇ **ввод в наслéдство** *юр.* мурасты законго ылайыктап берүү.

**ВВОДИ′ТЬ** *несов. см.* **ввести́.**

**ВВО′ДНЫЙ,** -ая, -ое кириш, киришме, кириниди, алгачкы; **ввóдная лéкция** кириш лекция; ◇ **ввóдное слóво** *грам.* кириинди сөз; **ввóдное предложéние** *грам.* кыстырынды сүйлөм.

**ВВОЗ** *м. эк.* четтен келтирүү.

**ВВОЗИ′ТЬ** *несов. см.* **ввезти́.**

**ВВО′ЗНЫЙ,** -ая, -ое **вво**з-*го п.*; четтен киргизилген; **ввóзная пóшлина** четтен киргизилген товарлардан алынуучу бажы.

**ВВО′ЛЮ** *нареч. разг.* эркинче, моокуму канганча, каалаганча, тилегенче, кумардан чыкканча; **вы́спаться ввóлю** уйку канганча уктоо, уйкуну абдан кандыруу.

**ВВО′СЬМЕРО** *нареч.* сегиз эсе, сегиз жолу, сегиз мертебе, сегиз кабат; **ввóсьмеро бóльше** сегиз эсе көп, сегиз эсе чоң, сегиз эсе артык.

**ВВОСЬМЕРО′М** *нареч.* сегиз киши болуп; **мы ввосьмерóм** сегизибиз.

**ВВЫСЬ** *нареч.* жогору, көкөлөй, көкөлөтө; **самолёт подня́лся ввысь** самолёт жогору көтөрүлдү.

**ВВЯЗА′ТЬ** *сов.* 1. *что* (*вплести вязанием*) токуу; 2. *кого, перен. разг.* (*впутать*) кийлигиштирүү, чаташтыруу.

**ВВЯЗА′ТЬСЯ** *сов. во что, разг.* кийлигишүү; **ввязáться в разговóр** сөзгө кийлигишүү.

**ВВЯ′ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **ввязáть.**

**ВВЯ′ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ввязáться;** 2. *страд. к* **ввя́зывать.**

**ВГИБ** *м. бир нерсенин* майышкан (кабырылган, ийилген) жери.

**ВГИБА′ТЬ** *несов. см.* **вогнýть.**

**ВГИБА′ТЬСЯ** *несов. см.* **вогнýться.**

**ВГЛУБЬ** 1. *нареч.* терең, тереңдиги; **измéрить óзеро вглубь** көлдүн тереңдигин өлчөө; 2. *предлог с род. п.* *бир нерсенин* ичине карата, ичин көздөй; **вглубь страны́** өлкөнүн ичин көздөй.

**ВГЛЯДЕ′ТЬСЯ** *сов. в кого, во что* көзүн айырбай кароо, тигилип кароо, тиктөө, жакшылап кароо, таамайлап кароо.

**ВГЛЯ′ДЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **вглядéться.**

**ВГОНЯ′ТЬ** *несов. см.* **вогнáть.**

**ВДАВА′ТЬСЯ** *несов. см.* **вдáться;** ◇ **вдавáться в подрóбности** майда-чүйдөсүнө чейин териштирүү; **вдавáться в крáйности** ыгы жок чектен чыгып кетүү, чектен чыгуу.

**ВДАВИ′ТЬ** *сов. что* басып киргизүү, кысып киргизүү, басып жабуу, кысып жабуу.

**ВДАВИ′ТЬСЯ** *сов.* басып киргизилүү, кысып киргизилүү, басып жабылуу, кысып жабылуу.

**ВДА′ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **вдави́ть.**

**ВДА′ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вдави́ться;** 2. *страд. к* **вдáвливать.**

**ВДА′ЛБЛИВАТЬ** *несов. см.* **вдолби́ть.**

**ВДАЛЕКЕ′** *нареч. см.* **вдали́.**

www.bizdin.kg

**ВДАЛИ'** 1. *нареч.* ыраак, алыс, ыраакта, алыста; **вдали́ черне́л лес** алыста токой карарып (дүмпүйүп) көрүнду; 2. *предлог с род. п.* -дан алыста; **вдали́ от родны́х** туугандардан алыста.

**ВДАЛЬ** *нареч.* алыска, алысты; **смотре́ть вдаль** алыска (алысты) кароо.

**ВДА'ТЬСЯ** *сов.* *бир нерсенин* ичин көздөй, ортосун көздөй кирип туруу; **морско́й зали́в вда́лся в бе́рег** деңиздин булуңу жээке кирип турат.

**ВДВИГА'ТЬ** *несов. см.* **вдви́нуть.**

**ВДВИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вдви́нуться;** 2. *страд.* к **вдвига́ть.**

**ВДВИ'НУТЬ** *сов.* *что* күч менен киргизүү, түртүп киргизүү; **он вдви́нул я́щик в стол** ал тартманы (ящикти) үстөлгө күч менен түртүп киргизди.

**ВДВИ'НУТЬСЯ** *сов. разг.* күч менен түртүп киргизилүү.

**ВДВО'Е** *нареч.* 1. (*в два раза*) эки эсе, эки мертебе, эки кабат; **вдво́е сильне́й** эки эсе күчтүү; **вдво́е ме́ньше** эки эсе кичүү, эки эсе аз; 2. (*пополам*) эки кабат кылып, эки жарты кылып; **сложи́ть лист бума́ги вдво́е** бир барак кагазды эки кабат кылып бүктөө.

**ВДВОЁМ** *нареч.* экөө, экөөлөп, экөө болуп; **жить вдвоём** экөө болуп туруу.

**ВДВОЙНЕ'** *нареч.* эки эсе, эки мертебе; **заплати́ть вдвойне́** эки эсе төлөө; ◇ **он вдвойне́ непра́в** анык такыр туура эмес, аныкы түк туура эмес.

**ВДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **вдеть.**

**ВДЕ'ВЯТЕРО** *нареч.* тогуз эсе, тогуз жолу, тогуз мертебе, тогуз кабат; **вде́вятеро бо́льше** тогуз эсе чоң (көп).

**ВДЕВЯТЕРО'М** *нареч.* тогуз киши болуп; **мы вдевятеро́м** тогузубуз.

**ВДЕ'ЛАТЬ** *сов.* *что* ичине киргизип жасоо, орноштуруп коюу (*бир буюмду экинчи буюмдун ичине*); **вде́лать ка́мень в кольцо́** ташты (шакектин көзүн) шакекке орнотуу.

**ВДЕ'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **вде́лать.**

**ВДЁРГИВАТЬ** *несов. см.* **вдёрнуть.**

**ВДЁРНУТЬ** *сов.* *что* тарткылап киргизүү, тарткылап өткөрүү.

**ВДЕ'СЯТЕРО** *нареч.* он эсе, он жолу, он мертебе, он кабат; **вде́сятеро бо́льше** он эсе чоң (көп).

**ВДЕСЯТЕРО'М** *нареч.* он киши болуп; **мы вдесятеро́м** онубуз.

**ВДЕТЬ** *сов.* *что* тешиктен өткөрүү, саптоо; **вдеть ни́тку в иглу́** жипти ийненин көзүнөн өткөрүү, ийнени саптоо, учукту саптоо.

**ВДЕ'ТЬСЯ** *сов.* тешиктен өткөрүлүү, сапталуу.

**ВДОБА'ВОК** *нареч. разг.* анын үстүнө, анысы да аз келгенсип, ал тургай, ал турмак.

**ВДОВА'** *ж.* жесир аял; ◇ **соло́менная вдова́** *шутл.* убактылуу жесир (*эри бир жакка убактылуу кетип калса*).

**ВДОВЕ'ТЬ** *несов. разг.* аялы өлгөндөн кийин үйлөнбөй, бойдок жүрүү (*о мужчине*); жесир калуу, жесир жүрүү; эри өлгөндөн кийин эрге тийбей, жесир жүрүү (*о женщине*).

**ВДОВЕ'Ц** *м.* аялы өлгөндөн кийин үйлөнбөгөн бойдок эркек.

**ВДО'ВИЙ,** -ья, -ье **вдова**-*га*, **вдовец**-*ке т.*; жесирдик; **вдо́вья жизнь** жесирдик турмуш.

**ВДО'ВОЛЬ** *нареч.* 1. (*вволю*) моокуму канганча, абдан; **вдо́воль нагуля́ться** моокуму канганча тамаша кылуу (*сайрандоо, ойноо*); 2. (*в изобилии*) көп болуу, ашып-ташып жатуу, мол болуу; **у нас всего́ вдо́воль** бизде бардык нерсе мол, ашып-ташып жатат.

**ВДОВСТВО'** *ср.* жесирдик (*эри өлүп, жесир болуп же аялы өлүп, бойдок болуп жүргөндүк*).

**ВДО'ВСТВОВАТЬ** *несов. уст. см.* **вдове́ть.**

**ВДО'ВУШКА** *ж. уменьш.-ласк. от* **вдова́** жесир аял.

**ВДОГО'НКУ** *нареч.* артынан удаа, куйрук улаш; **побежа́ть** *за кем-л.* **вдого́нку** *бирөөнүн* артынан удаа жүгүрүү; **посла́ть письмо́ вдого́нку** артынан удаа кат жиберүү.

**ВДОЛБИ'ТЬ** *сов. что кому, разг.* арандан зорго түшүндүрүү.

**ВДОЛЬ** 1. *нареч.* *бир нерсенин* узунунан, узатасынан; **разре́зать мате́рию вдоль** кездемени узатасынан кесүү; 2. *предлог с род. п.* бойлой, бойлоп, жээктеп; **идти́ вдоль бе́рега** жээкти бойлоп жүрүү; ◇ **вдоль и попере́к** 1) бардык жерин; **изъе́здить страну́ вдоль и попере́к** өлкөнүн бардык жерин айланып чыгуу; 2) *перен.* баштан аяк; **я изучи́л кни́гу вдоль и попере́к** мен китепти баштан аяк окуп үйрөнүп чыктым.

**ВДО'СТАЛЬ** *нареч. прост. см.* **вдо́воль.**

**ВДОХ** *м.* дем алуу, дем тартуу; **сде́лать глубо́кий вдох** терең дем алуу, терең дем тартуу.

**ВДОХНОВЕ'НИЕ** *ср.* көңүл эргүү (*чыгармачылык күчтөрдүн куюлушуп келиши*); **рабо́тать с вдохнове́нием** көңүл эргүү менен иштөө.

**ВДОХНОВЕ'ННО** *нареч.* көңүл эргип, шыктанып, көңүлдөнүп.

**ВДОХНОВЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое көңүл эргиген, шыктанган; **вдохнове́нный труд** көңүл эргиген эмгек; **вдохнове́нные стихи́** шыктуулук менен жазылган ырлар.

**ВДОХНОВИ'ТЕЛЬ** *м.* шыктандыруучу, козутуучу, ишке дем берүүчү.

**ВДОХНОВИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **вдохнови́тель.**

**ВДОХНОВИ'ТЬ** *сов. кого на что* шыктандыруу, козутуу, ишке дем берүү; **вдохнови́ть на по́двиг** эрдикке шыктандыруу.

**ВДОХНОВИ'ТЬСЯ** *сов.* шыктандырылуу, дем берилүү.

**ВДОХНОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вдохнови́ть.**

**ВДОХНОВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вдохнови́ться;** 2. *страд. к* **вдохновля́ть.**

**ВДОХНУ'ТЬ** *сов. что* 1. (*в себя*) дем алуу, дем тартуу, аба жутуу; жыттоо (*напр. аромат*); **вдохну́ть све́жий во́здух** таза аба жутуу; 2. *перен.* (*в кого-л.*) көңүлүн көтөрүү; **вдохну́ть** *в кого-л.* **бо́дрость** *бирөөнүн* көңүлүн көтөрүп кайраттандыруу; ◇ **вдохну́ть жизнь** жандандыруу.

**ВДРЕ'БЕЗГИ** *нареч.* быркыранып, талкаланып, быт-чыты чыгып, таш-талканы чыгып; **разби́ть вдре́безги** таш-талканын чыгарып талкалоо; ◇ **вдре́безги пья́ный** *разг.* ылжыган мас, эс-учун билбеген мас.

**ВДРУГ** *нареч.* күтпөгөн жерден, окусунан, кокусунан, капысынан, аңгыча болбой; **вдруг разда́лся вы́стрел** күтпөгөн жерден мылтыктын үнү чыкты.

**ВДРЫЗГ** *нареч. прост.* абдан, аябай.

**ВДУВА'НИЕ** *ср.* 1. (*напр. воздуха*) аба толтуруу, үйлөп толтуруу; 2. *мед.* вдувание (*оору өпкөнү кысуу максатында плеверанын көңдөйүнө — өпкөнүн кабына — жасалма жол менен газ жиберүү*).

**ВДУВА'ТЬ** *несов. что* аба толтуруу, үйлөп толтуруу (*үйлөп же үйлөтүү аркылуу бир нерсенин ичине аба толтуруу*).

**ВДУ'МАТЬСЯ** *сов. во что* жеткире ойлонуу, жете ойлонуу; **вду́маться в смысл статьи́** макаланын мааниси жөнүндө жеткире ойлонуу.

**ВДУ'МЧИВО** *нареч.* терең ойлонуп.

**ВДУ'МЧИВОСТЬ** *ж.* терең ойлоочулук; терең, олуттуу ойлоого жөндөмдүүлүк.

**ВДУ'МЧИВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*глубоко вникающий*) терең ойлоочу; терең, олуттуу ойлоого жөндөмдүү; **вду́мчивый рабо́тник** терең ойлоочу кызматкер; 2. (*выражающий вдумчивость*) ойчул; **вду́мчивое лицо́** ойчул өң.

**ВДУ'МЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **вду́маться.**

**ВДУ'НУТЬ** *однокр. что* бир жолу үйлөө, бир жолу үйлөтүү.

www.bizdin.kg

**ВДЫХА'НИЕ** *ср.* дем алуу, дем тартуу.
**ВДЫХА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое дем алуучу, дем тартуучу, дем тарткан.
**ВДЫХА'ТЬ** *несов. см.* **вдохну́ть** 1.
**ВЕГЕТАРИА'НЕЦ** *м.* вегетарианец (*эт жебей, көбүнчө өсүмдүк жана сүт азыктары менен тамактана турган адам*).
**ВЕГЕТАРИА'НКА** *женск. р. к* **вегетариа́нец;** вегетарианка.
**ВЕГЕТАРИА'НСКИЙ,** -ая, -ое вегетариандык (*этсиз*); **вегетариа́нская пи́ща** вегетариандык тамак.
**ВЕГЕТАРИА'НСТВО** *ср.* вегетарианчылык.
**ВЕГЕТАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое *биол.* вегетативдик (*организмдин өсүшү жана көбөйүшү үчүн кызмат кылуучу*); **вегетати́вные о́рганы** вегетативдик органдар; **вегетати́вное размноже́ние** вегетативдик көбөйүү (өрчүү); **вегетати́вная не́рвная систе́ма** вегетативдик нерв системасы.
**ВЕГЕТАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое *бот.* вегетациялык (*өсүүгө жана көбөйүүгө жардам кылуучу*); **вегетацио́нный пери́од** вегетациялык мезгил (*өсүмдүктөрдүн өсүшү жана көбөйүшү үчүн керек болгон мезгили*).
**ВЕГЕТА'ЦИЯ** *ж. бот.* вегетация (*өсүмдүктөрдүн өсүү жана өрчүү мезгили*).
**ВЕ'ДАТЬ** I *несов. чем* (*заведовать, управлять*) башкаруу; **он ве́дает це́лым отде́лом** ал бүткүл бир бөлүмдү башкарат.
**ВЕ'ДАТЬ** II *несов. что, уст.* (*знать*) билүү.
**ВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* карамак; **э́то в его́ ве́дении** бул анын карамагында.
**ВЕДЕ'НИЕ** *ср.* жүргүзүү, алып баруу, башкаруу; **веде́ние хозя́йства** чарбаны жүргүзүү; **веде́ние де́ла** ишти жүргүзүү; **веде́ние заседа́ния** заседаниени башкаруу, заседаниени алып баруу.
**ВЕДЁРКО** *ср. уменьш. от* **ведро́** кичине чака.
**ВЕДЁРНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **ведро**-*го т.*; **ведёрная ру́чка** чаканын туткасы; **2.** (*вместимостью в ведро*) чака менен ичтеш; **ведёрный самова́р** чака менен ичтеш самоор.
**ведётся** *наст. вр. от* **вести́сь.**
**ВЕ'ДОМО: с ве́дома** билдирип, айтып; **без ве́дома** билдирбей, айтпай.
**ВЕ'ДОМОСТЬ** *ж.* **1.** ведомость (*кандайдыр бир маалыматтардын жыйынтыгын билдирүүчү сводка же тизме*); **расчётная ве́домость** расчёттук ведомость; **2. Ве́домости** *мн.* (*название газеты*) Ведомосттор; **Ве́домости Верхо́вного Сове́та СССР** СССРдин Жогорку Советинин Ведомосттору (*газетанын аты*).
**ВЕ'ДОМСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое ведомстволук (*кандайдыр бир ведомствого таандык*).
**ВЕ'ДОМСТВО** *ср.* ведомство; **тамо́женное ве́домство** бажылык ведомство, таможнялык ведомство.
**ВЕДРО'** *ср.* чака, челек; ◇ **дождь льёт как из ведра́** *разг.* жамгыр көнөктүн чоргосунан куюлгандай нөшөрлөп жаап турат.
**ВЁДРО** *ср. обл.* жайкы ачык күн.
**веду́, ведёшь** *и т. д. наст. вр. от* **вести́.**
**ВЕДУ'ЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **вести́; 2.** *прил.* (*идущий впереди, головной*) негизги, жетекчи, алдыңкы катарда баруучу, алдыңкы катардагы; **веду́щий самолёт** алдыңкы катарда баруучу самолёт.
**ВЕДЬ 1.** *союз* анткени; **он лежи́т, ведь он ещё бо́лен** ал жатат, анткени — ал али оору; **2.** *частица усил.* эмеспи, беле, го, ээ; **ведь э́то всем изве́стно** бул баарыга белгилүү эмеспи; **а ведь я вам говори́л э́то давно́** мен муну силерге эчак (небак) айтпадым беле; **а ведь вы бы́ли пра́вы!** сиздики туура экен го!; **да ведь э́то он!** баса, бул ошол эмеспи!; **ведь э́то непра́вда?** бул жалган го?; **ведь ты испо́лнишь своё обеща́ние?** сен убадаңды аткарасың ээ?
**ВЕ'ДЬМА** *ж.* **1.** (*в народных поверьях*) жез кемпир, жез тумшук, желмогуз; **2.** *перен.* (*злая женщина*) уруш-чаак катын, орой катын, аксайган-саксайган жаман катын.
**ВЕ'ЕР** *м.* веер, желпингич; **обма́хиваться ве́ером** веер (желпингич) менен желпинүү.
**ВЕЕРООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое веер сыяктуу, веерге окшош.
**ВЕ'ЖЛИВО** *нареч.* сылыктык менен, сылык түрдө.
**ВЕ'ЖЛИВОСТЬ** *ж.* сылыктык, адептүүлүк.
**ВЕ'ЖЛИВЫЙ,** -ая, -ое сылык, адептүү; **ве́жливый челове́к** сылык адам; **ве́жливое обраще́ние** сылык мамиле.
**ВЕЗДЕ'** *нареч.* бардык жерде, кайсы жерде болсо да, бардык жерден, кайсы жерден болсо да; **везде́ побыва́ть** бардык жерге барып келүү, бардык жерде болуу, барбаган жери жок болуу; **я побыва́л везде́** барбаган жерим калган жок; **везде́ и всю́ду** бардык жерде.
**ВЕЗДЕСУ'ЩИЙ,** -ая, -ее бардык жерде болуучу, баарына үлгүрүүчү.
**ВЕЗДЕХО'Д** *м.* вездеход (*бардык жерден өтүүчү, кыйынчылык менен өтүлүүчү жерлерде жүрүү үчүн колдонулуучу автомашина*).
**ВЕЗТИ'** I *несов. кого-что* ташуу, тартуу, тартып баруу, жүктөп баруу (*поездде, машинада, унаада ж. б.*); **ло́шадь везёт теле́гу** ат арабаны тартып бара жатат; **парохо́д везёт большо́й груз** пароход чоң (көп) жүк тартып бара жатат.
**ВЕЗТИ'** II *несов. безл. кому-чему в чём, разг.* жолу болуу, оңдой берди болуу, иш оңунан чыгуу, иш оңолуу; **ему́ везёт на охо́те** аң уулоодо анын иши оңунан чыгат.
**вей** I, **ве́йте** *повел. от* **вить.**
**вей** II, **ве́йте** *повел. от* **ве́ять.**
**ВЕК** *м.* **1.** (*столетие*) кылым; **двадца́тый век** жыйырманчы кылым; **2.** (*эпоха*) доор, кылым; **ка́менный век** таш доору; **сре́дние века́** орто кылымдар; **3.** *разг.* (*жизнь*) өмүр; **на моём веку́** менин өмүрүмдө; **прожи́ть свой век** өз өмүрүн өткөрүү, жашарын жашоо; **4.** *перен. разг.* (*длительное время*) далай убакыт, көп убакыт; **мы с тобо́й век не вида́лись** сен экөөбүз көп убактан бери бири-бирибизди көрүшө алган жокпуз; ◇ **в ко́и ве́ки** *разг.* анда-санда, өтө сейрек; **век живи́ — век учи́сь** *погов.* окууга (үйрөнүүгө) карылык жок; **во ве́ки веко́в** кылымдар бою.
**ВЕ'КО** *ср.* кабак (*көздүн кабагы*).
**ВЕКОВА'ТЬ** *несов.*: **век векова́ть** бүткүл өмүрүн бир жерде же бир абалда өткөрүү.
**ВЕКОВЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* дайыма болуучу, түгөнбөс.
**ВЕКОВО'Й,** -а́я, -о́е атам замандагы, көптөн бери жашап келе жаткан; эзелден берки; **векова́я ель** атам замандагы карагай; **вековы́е ча́яния** эзелден берки тилек (үмүт).
**ВЕ'КСЕЛЬ** *м.* вексель (*белгилүү срокто белгиленген суммадагы акчаны төлөө жөнүндө кагаз жүзүндө берилген карыздык милдеттеме*); **уплати́ть по ве́кселю** вексель боюнча төлөө.
**ВЕ'КСЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **вексель**-*ге т.*
**ВЕ'КТОР** *м. мат.* вектор (*жеке эле сандык мааниси эмес, кыймылдын багыты менен дагы мүнөздөлүүчү математикалык чоңдук*).
**ВЕЛЕ'НЕВЫЙ,** -ая, -ое: **веле́невая бума́га** велен кагазы (*эки жагы тең жылма, тыгыз кагаз*).
**ВЕЛЕ'НИЕ** *ср. поэт. уст.* буйруу; **веле́ние до́лга** милдеттин буйрушу (буйругу).
**ВЕЛЕ'ТЬ** *сов. и несов. кому с неопр.* буйруу; **он веле́л ему́ сде́лать э́ту рабо́ту** ал ага бул ишти жасоону буюрду.
**ВЕЛИКА'Н** *м.* алп, дөө.
**ВЕЛИ'КИЙ,** -ая, -ое **1.** улуу; **Вели́кая Октя́брьская социалисти́ческая револю́ция** Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы; **Вели́кая Оте́чественная война́** Улуу Ата Мекендик Согуш; **вели́кие держа́вы** чоң мамлекеттер (*эл аралык укукта бул термин эл аралык катнаштарда*

www.bizdin.kg

*башкы ролду ойноочу ири мамлекеттерди белгилөө үчүн колдонулат*); **2.** (*большой*) зор, чоң; **к вели́кому сча́стью** зор бакытка жараша; **3.** *кратк. ф. в знач. сказ.* **вели́к, велика́, велико́** (*об одежде, обуви*) чоң, кең; **э́то пла́тье ей велико́** бул көйнөк ага чоң, бул көйнөк ага кең; ◇ **от ма́ла до вели́ка** *разг.* жашынан карысына чейин; жаш-карысы дебей; бала дебей, чоң дебей; **у стра́ха глаза́ велики́** *погов.* коркконго кош көрүнөт, кошу менен беш көрүнөт; **вели́кий князь** *ист.* улуу князь (*падышанын бир туугандарынын титулу*).

**ВЕЛИКОВОЗРА'СТНЫЙ,** -ая, -ое жашы чоңоюп калган (*тийиштүү жашынан өтүп кеткен бала*).

**ВЕЛИКОДЕРЖА'ВНЫЙ,** -ая, -ое великодержавный, улуу державалык (*майда улуттарды жана майда мамлекеттерди эзүүгө умтулуучу*); **великодержа́вный шовини́зм** великодержавный шовинизм.

**ВЕЛИКОДУ'ШИЕ** *ср.* ак көңүлдүк, кең бейилдик, айкөлдүк.

**ВЕЛИКОДУ'ШНИЧАТЬ** *несов. разг.* орунсуз кең бейилдик кылуу, орунсуз айкөлдүк кылуу.

**ВЕЛИКОДУ'ШНО** *нареч.* ак көңүлдүк менен, ак көңүлдүк кылып, кең бейилдик менен, кең бейилдик кылып, айкөлдүк менен, айкөлдүк кылып.

**ВЕЛИКОДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое ак көңүл, кең бейил, айкөл; **великоду́шный челове́к** ак көңүл киши, кең бейил киши; **великоду́шный посту́пок** кең бейил кылык, кең бейилдик иш.

**ВЕЛИКОЛЕ'ПИЕ** *ср.* эң сонун кооздук, шаан-шөкөт.

**ВЕЛИКОЛЕ'ПНО** *нареч.* эң сонун, эң жакшы.

**ВЕЛИКОЛЕ'ПНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*роскошный*) сонун, кооз, шаан-шөкөттүү; **2.** *разг.* (*очень хороший*) мыкты, сонун; **великоле́пный рабо́тник** мыкты кызматкер.

**ВЕЛИКОРО'ССЫ** *мн. см.* **великору́сы.**

**ВЕЛИКОРУ'С** *м.* великорус.

**ВЕЛИКОРУ'ССКИЙ,** -ая, -ое **великорус**-*ка т.*

**ВЕЛИКОРУ'СЫ** *мн.* великорустар.

**ВЕЛИКОСВЕ'ТСКИЙ,** -ая, -ое *уст.* ак сөөктүк (*жогорку дворяндык чөйрөгө, привилегиялуу коомго таандык*).

**ВЕЛИЧА'ВО** *нареч.* бакыйган түр менен.

**ВЕЛИЧА'ВОСТЬ** *ж.* бакыйгандык, сымбаттуулук.

**ВЕЛИЧА'ВЫЙ,** -ая, -ое бакыйган, сымбаттуу.

**ВЕЛИЧА'ЙШИЙ,** -ая, -ее *превосх. ст. от* **вели́кий 1, 2** эң улуу, эң зор, эң чоң; **собы́тие велича́йшей ва́жности** эң зор мааниси бар окуя.

**ВЕЛИЧА'ТЬ** *несов. кого* **1.** (*называть*) атын же наамын айтып кайрылуу; **2.** (*чествовать*) куттуктоо (*орус элинин үрп-адаты боюнча куттуктоо ыры менен, салам берүү*); **велича́ть жениха́ с неве́стой** күйөө менен колуктуну куттуктоо.

**ВЕЛИ'ЧЕСТВЕННО** *нареч.* шаңдуулук менен.

**ВЕЛИ'ЧЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое шаңдуу.

**ВЕЛИ'ЧЕСТВО** *ср.* (*титул монархов*) улуу даражалуу (*падыша жана анын аялына карата айтылуучу улуктоо сөз*).

**ВЕЛИ'ЧИЕ** *ср.* улуулук, айбаттуулук, шаңдуулук; **вели́чие по́двига** эрдиктин шаңдуулугу; **во всём вели́чии** өзүнүн бүтүндөй шаңдуулугу менен.

**ВЕЛИЧИНА'** *ж.* **1.** (*размер, объём*) көлөм, чоңдук; **величина́ ко́мнаты** бөлмөнүн чоңдугу; **2.** *мат., физ.* чоңдук; **бесконе́чно ма́лая величина́** чексиз кичине чоңдук; **неизве́стная величина́** белгисиз чоңдук; **постоя́нная величина́** туруктуу чоңдук; **3.** *перен.* (*о человеке*) атактуулук, атактуу, даңктуулук, даңктуу; **он кру́пная величина́ в нау́ке** ал илимде атактуу.

**ВЕЛО=** *татаал сөздөрдүн «велосипед» деген маанини берүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **велозаво́д** велозавод.

**ВЕЛОГО'НКИ** *мн.* велогонка (*велосипед жарышы*).

**ВЕЛОДРО'М** *м.* велодром (*велосипед жарыштыруучу атайын жолдору бар аянтча*).

**ВЕЛОКА'МЕРА** *ж.* велокамера (*велосипеддин шинасынын ичиндеги аба толтурулуучу тегерек резина түтүк*).

**ВЕЛОСИПЕ'Д** *м.* велосипед.

**ВЕЛОСИПЕДИ'СТ** *м.* велосипедчи, велосипедист.

**ВЕЛОСИПЕДИ'СТКА** *женск. р. к* **велосипеди́ст**; велосипедистка.

**ВЕЛОСИПЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **велосипед**-*ге т.*; велосипеддик; **велосипе́дный заво́д** велосипед заводу, велосипед чыгаруучу завод; **велосипе́дные го́нки** велосипед жарышы.

**ВЕЛОСПО'РТ** *м.* велоспорт, велосипеддик спорт.

**ВЕЛЬБО'Т** *м.* вельбот (*тумшугу менен арт жагы учтуу, тез жүрүүчү жеңил кайык*).

**ВЕЛЬВЕ'Т** *м.* вельвет (*баркыт сыяктуу кездеме*).

**ВЕЛЬВЕ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **вельвет**-*ке т.*; **вельве́товый костю́м** вельвет костюм.

**ВЕЛЬМО'ЖА** *м. уст.* вельможа (*жогорку даражалуу төрө*).

**ВЕ'НА** *ж. анат.* вена, көк кан тамыры; **расшире́ние вен** *мед.* веналардын кеңейиши.

**ВЕНГЕ'РКА I** *женск. р. к* **венгр**; венгерка.

**ВЕНГЕ'РКА II** *ж.* (*танец*) венгерка (*Батыш Европа танецинин бир түрү*).

**ВЕНГЕ'РСКИЙ,** -ая, -ое **Венгрия**-*га*, **венгр**-*ге т.*; **венге́рский язы́к** венгр тили.

**ВЕНГР** *м.* венгр.

**ВЕ'НГРЫ** *мн.* венгрлер.

**ВЕНЕ'РИК** *м. разг.* венерик (*сүзөк сыяктуу жугуштуу оорулар менен ооруган киши*).

**ВЕНЕРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *мед.* венерический; **венери́ческие боле́зни** венерический оорулар (*көбүнчө жыныстык катышуулар аркылуу жуга турган жугуштуу оорулар — сифилис, сүзөк же жумшак шанкр*).

**ВЕНЕРО'ЛОГ** *м.* венеролог (*венерический оорулар боюнча специалист, врач*).

**ВЕНЕРОЛО'ГИЯ** *ж. мед.* венерология (*медицинанын венерический ооруларды үйрөнүүчү бир бөлүмү*).

**ВЕНЕ'Ц** *м.* **1.** *уст.* (*корона*) таажы; **2.** *церк.* таажы (*нике кыйган убакытта жигит менен кыздын башына кийилүүчү таажы*); **под венцо́м** таажы кийип туруу; **3.** *уст. см.* **вено́к**; **4.** *метеор.* венец (*айдын, күндүн, жылдыздын айланасындагы жарык шоола*); **5.** *стр.* венец (*кайчылаштырып жыйылган устундар*); ◇ **коне́ц — де́лу вене́ц** кеп иштин натыйжасында.

**ВЕ'НЗЕЛЬ** *м.* вензель (*аттын жана фамилиянын кооздолуп бириктирилген баш ариптери*).

**ВЕ'НИК** *м.* шыпыргы.

**ВЕНО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **вена**-*га т.*; **вено́зная кровь** венадагы кан; көк кан тамырдагы кан.

**ВЕНО'К** *м.* венок (*гүлдөн же чөптөн жасалган тегерек кооз түрмөк*).

**ВЕ'НСКИЙ,** -ая, -ое **Вена**-*га т.*; веналык; ◇ **ве́нский стул** жыгачтан ийип жасалган стул.

**ВЕНТИЛИ'РОВАТЬ** *несов. что* вентиляциялоо, вентиляция кылуу (*вентиляция аркылуу абаны жаңыртуу, тазалоо*); **вентили́ровать помеще́ние** үйдү (тамды, имаратты) вентиляциялоо.

**ВЕ'НТИЛЬ** *м.* вентиль (**1.** *тех. трубадан же камерадан суюктукту же газды чыгарбай тосуп туруучу клапан*; **2.** *муз. музыкалык жез инструменттин үнүн өзгөртүү үчүн арналган тетик*).

**ВЕНТИЛЯ'ТОР** *м.* вентилятор (*имараттардын абасын алмаштыруу үчүн колдонулуучу прибор*).

**ВЕНТИЛЯЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **вентиляция**-*га т.*; вентиляциялык; **вентиляцио́нные прибо́ры** вентиляциялык приборлор.

**ВЕНТИЛЯ'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*действие*) вентиляция, вентиляциялоо, вентиляция кылуу (*атайын приборлордун жардамы менен имараттардын абасын жаңыртуу, ал-*

www.bizdin.kg

*маштыруу*); **вытяжна́я вентиля́ция** бузук абаны тартып чыгаруучу вентиляция; 2. (*система приборов*) вентиляция (*вентиляциялоо жабдыктарынын системасы, жыйынтыгы*); **установи́ть вентиля́цию в ша́хте** шахтага вентиляция орнотуу.

**ВЕНЦЕНО'СЕЦ** *м. уст.* таажыдар (*падыша*).

**ВЕНЧА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **венчание** 2-*ге т.*; **венча́льный обря́д** нике кыюу ырым-жырымы.

**ВЕНЧА'НИЕ** *ср.* 1. *ист.* (*коронация*) таажы кийгизүү (*падышалык тактыга отургузуу ырым-жырымы*); 2. *церк.* (*о браке*) нике кыюу (*никелешүүнүн чиркөөдө жасалуучу ырым-жырымы*).

**ВЕНЧА'ТЬ** 1. *сов. и несов. кого, ист.* (*на царство*) падышалык тактыга отургузуу; 2. *несов. кого с кем, церк.* (*сочетать браком*) никелөө, нике кыюу; 3. *сов. и несов. кого-что*: **венча́ть геро́я лавро́вым венко́м** лавр жалбырагынан жасалган венокту баатырдын башына, мойнуна, аны урматтоо иретинде кийгизүү; ◇ **коне́ц венча́ет де́ло** кеп иштин натыйжасында.

**ВЕНЧА'ТЬСЯ** 1. *сов. и несов. ист.* жаңыдан таажы кийип, такка отуруу; 2. *несов. церк.* никелешүү (*христиандарда*).

**ВЕ'НЧИК** *м. бот.* гүлдүн таажычасы (*гүлдүн тегерек түрдө орун алган желекчелери*).

**ВЕПРЬ** *м. уст.* каман.

**ВЕ'РА** *ж.* 1. (*убеждение, уверенность*) ишеним, ишенүү, ишенич; **ве́ра в побе́ду** жеңишке ишенүү; 2. (*религия*) дин; ◇ **приня́ть** *что-л.* **на ве́ру** *бир нерсеге* далилсиз эле ишенүү; **служи́ть ве́рой и пра́вдой** жан-дили менен кызмат кылуу.

**ВЕРА'НДА** *ж.* веранда (*үйгө кошулуп салынган, үстү жабылган же ачык, же терезеленген жай*).

**ВЕ'РБА** *ж. бот.* кызыл тал.

**ВЕРБА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **верба́льная но́та** *дип.* вербальный нота (*кол коюлбаган, оозеки айтылган билдирүүгө барабар нота*).

**ВЕРБЕ'НА** *ж. бот.* вербена (*кооздук үчүн өстүрүлө турган өсүмдүктүн бир түрү*).

**ВЕРБЛЮ'Д** *м.* төө; **одного́рбый верблю́д** нар; **двуго́рбый верблю́д** өркөчтүү төө.

**ВЕРБЛЮ'ДИЦА** *ж.* ингген.

**ВЕРБЛЮЖА'ТИНА** *ж.* төөнүн эти.

**ВЕРБЛЮ'ЖИЙ,** -ья, -ье **верблюд**-*го т.*; **верблю́жья шерсть** төөнүн жүнү.

**ВЕРБЛЮЖО'НОК** *м.* бото (*сосунок*); тайлак.

**ВЕРБОВА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*набирать*) вербовкалоо, вербовка кылуу, тартуу; **вербова́ть подро́стков в реме́сленные учи́лища** өспүрүмдөрдү ремеслолук училищеге (окуу жайга) тартуу; 2. *что* (*создавать из добровольцев*) вербовка жолу менен түзүү, вербовкалап түзүү; **вербова́ть санита́рный отря́д** вербовкалап санитардык отряд түзүү.

**ВЕРБО'ВКА** *ж.* вербовка, вербовкалоо, вербовка кылуу (*кишини өз ыктыяры менен кандайдыр бир ишке тартуу*).

**ВЕРБО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **вербовка**-*га т.*; вербовка кылуучу; **вербо́вочный пункт** вербовка кылуучу пункт, вербовка пункуту.

**ВЕРБО'ВЩИК** *м.* вербовщик (*вербовка кылуу жагынан уполномоченный адам*).

**ВЕРДИ'КТ** *м. юр.* өкүм (*сот өкүмү*); **обвини́тельный верди́кт** айыптоо өкүмү; **оправда́тельный верди́кт** актоо өкүмү.

**ВЕРЁВКА** *ж.* жип, көтөрмө, аркан; ◇ **из него́ мо́жно верёвки вить** ал айдаган жагыңа жүрө берет (*мүнөзү өтө жумшак, оома киши жөнүндө*).

**ВЕРЁВОЧКА** *ж. уменьш. от* **верёвка** кичине (кыска) жип.

**ВЕРЁВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **верёвка**-*га т.*; **верёвочное произво́дство** жип өндүрүшү; **верёвочная ле́стница** жиптен жасалган шаты.

**ВЕРЕНИ'ЦА** *ж.* тизмек, чубалган тизмек; **верени́ца гусе́й** каздардын чубалган тизмеги; **верени́ца мы́слей** *перен.* чубалжыган ой, ой тизмеги.

**ВЕ'РЕСК** *м. бот.* вереск (*түбөлүк көгөрүп туруучу өсүмдүктөрдүн бир түрү*).

**ВЕРЕТЕНО'** *ср.* 1. (*для прядения*) ийик; 2. *тех.* (*вращающаяся ось*) машинанын айлануучу огу (*тегеренүүчү, чимирилүүчү огу*).

**ВЕРЕТЕНООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое ийик сымал, ийик сыяктуу.

**ВЕРЕЩА'ТЬ** *несов. разг.* кулактын кужурун алып чыйкылдоо.

**ВЕРЗИ'ЛА** *м. и ж. разг.* тартайган, солдойгон узун киши.

**ВЕРИ'ГИ** *мн.* (*ед.* **вери́га** *ж.*) *уст.* вериги (*дин адамдарынын өзүн өзү кыйноо үчүн үстүнө салып жүрүүчү чынжыр*).

**ВЕРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **вери́тельные гра́моты** *дип.* верительный грамоталар (*бирөөнүн дипломаттык өкүл болуп дайындалгандыгын күбөлөндүрүүчү мамлекеттик документ*).

**ВЕ'РИТЬ** *несов.* 1. *кому-чему* ишенүү, ынануу; **я ве́рю вам на́ слово** мен сиздин сөзүңүзгө ишенем; 2. *в кого, во что* ишенүү; **ве́рить в побе́ду** жеңишке ишенүү; 3. *в кого, во что, рел.* ишенүү; ◇ **не ве́рить свои́м глаза́м (свои́м уша́м)** өз көзүнө (өз кулагына) ишенбөө (*кантип ушундай болсун деп*).

**ВЕ'РИТЬСЯ** *несов. безл.* ишенүү, ынануу; **мне не ве́рится, что э́то пра́вда** мен мунун чындыгына ишенбей турамын; **с трудо́м ве́рится в э́то** буга оңойлук менен ишенүүгө болбойт.

**ВЕРМА'ХТ** *м.* вермахт (*немецтик армиянын официалдуу аты; армияга бул ат гитлердик диктатура кезинде коюлган*).

**ВЕРМИШЕ'ЛЬ** *ж.* вермишель (*кургатылган кесменин бир түрү*).

**ВЕРНЕ'Е** 1. *сравн. ст. от прил.* **ве́рный** *и нареч.* **ве́рно** I туурараак; **э́то реше́ние зада́чи верне́е** маселенин мындай чыгарылышы туурараак; 2. *вводн. сл.* чындыгында, тактап айтканда; **я написа́л докла́д, верне́е, те́зисы к докла́ду** мен докладды, чындыгында, докладдын тезисин жазып койдум; **верне́е говоря́** чынын айтканда.

**ВЕ'РНО** I *нареч.* 1. (*правильно*) туура, чын, дурус; **он ве́рно реши́л зада́чу** ал маселени туура чыгарды; 2. (*преданно*) ак ниет менен, берилгендик менен, берилип; **он ве́рно служи́л ро́дине** ал родинага ак ниет менен кызмат кылды; ◇ **с по́длинным ве́рно** асыл нускасы менен туура.

**ВЕ'РНО** II *вводн. сл. разг.* балким; **он, ве́рно, не придёт** ал, балким, келбейт.

**ВЕРНОПО'ДДАННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* 1. өз падышасына чын көңүлү менен берилген; 2. *в знач. сущ. м., ж.* чын берилген киши.

**ВЕ'РНОСТЬ** *ж.* 1. (*правильность, точность*) тууралык; **ве́рность перево́да** котормонун тууралыгы; 2. (*преданность*) берилгендик, бектик; **ве́рность рабо́чему кла́ссу** жумушчу табына берилгендик.

**ВЕРНУ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*возвратить*) кайтарып берүү, кайта берүү, кайтаруу; **верну́ть кни́ги в библиоте́ку** китептерди китепканага кайтарып берүү; 2. (*получить обратно*) кайтарып алуу, кайтарып келтирүү; 3. (*заставить вернуться*) кайтарып жиберүү, кайта кетирүү; **верну́ть** *кого-л.* **с доро́ги** *бирөөнү* жолдон кайтарып жиберүү.

**ВЕРНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*возвратиться обратно*) кайтуу, кайта келүү, кайтып келүү; **я верну́лся домо́й с полдоро́ги** жарым жолдон үйгө кайтып келдим; 2. *к кому, перен.*

www.bizdin.kg

(*вновь появиться*) кайтадан пайда болуу, жаңыдан пайда болуу; **ко мне вернýлось спокóйствие** мен кайта тынчтанып калдым, менин көңүлүм кайта тынып калды; 3. *перен.* (*возвратиться к прежнему*) кайрылуу; **мы ещё вернёмся к э́тому вопрóсу** биз бул маселеге дагы кайрылабыз.

**ВЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*правильный, точный*) туура; **вéрное решéние задáчи** маселенин туура чыгарылышы; **вéрная кóпия** туура көчүрмө; 2. (*преданный*) чыныгы, чын; **вéрный друг** чыныгы дос; 3. (*надёжный, прочный*) ишенимдүү, ишеничтүү; **вéрная опóра** ишенимдүү жөлөк; 4. (*несомненный*) анык, шексиз; **вéрный вы́игрыш** шексиз утуш.

**ВЕ'РОВАНИЕ** *ср.* диний ишеним.

**ВЕ'РОВАТЬ** *несов. в кого, во что, уст.* дин тутуу, табынуу.

**ВЕРОИСПОВЕ'ДАНИЕ** *ср. рел.* динге ишенүү; **свобóда вероисповéдания** динге ишенүү эркиндиги.

**ВЕРОЛО'МНЫЙ,** -ая, -ое жүзү кара, жаман ойлуу, арамза; **веролóмный враг** жүзү кара душман; **веролóмное нападéние** жүзү каралык менен кол салуу; **веролóмный постýпок** жүзү каралык жорук.

**ВЕРОЛО'МСТВО** *ср.* жүзү каралык, жаман ойлуулук, арамзалык.

**ВЕРООТСТУ'ПНИК** *м. уст.* дининен кайткан адам.

**ВЕРООТСТУ'ПНИЧЕСТВО** *ср. уст.* динден кайтуучулук, динден кайткандык.

**ВЕРОТЕРПИ'МОСТЬ** *ж.* кандай динге болсо да жол коюу.

**ВЕРОТЕРПИ'МЫЙ,** -ая -ое кандай динге болсо да жол коюучу.

**ВЕРОУЧЕ'НИЕ** *ср.* диндиң негизги эрежелеринин жыйындысы.

**ВЕРОЯ'ТНО** 1. *вводн. сл.* балким, -са керек, го дейм; **верóятно, сегóдня бýдет дождь** балким, бүгүн жамгыр жаайт; 2. *в знач. сказ.* чындыкка жакын, мүмкүн, ыктымал, ээтимал; **э́то вполнé верóятно** бул толук мүмкүн.

**ВЕРОЯ'ТНОСТЬ** *ж.* мүмкүндүк; **по всей верóятности** кыязы, балким; ◇ **теóрия верóятностей** *мат.* ыктымалдык теориясы.

**ВЕРОЯ'ТНЫЙ,** -ая, -ое болушу мүмкүн болгон, болушу ыктымал болгон, чындыкка жакын.

**ВЕРСИФИКА'ЦИЯ** *ж.* версификация (*ыр түзүү искусствосу*).

**ВЕ'РСИЯ** *ж.* версия (*кандайдыр бир окуя же факт жөнүндө түрдүүчө сүйлөнгөн же жазылган маалыматтын бир түрү*).

**ВЕРСТА'** *ж. уст.* 1. чакырым (*1,07 километрге барабар*); 2. (*столб*) чакырым мамысы; ◇ **зá версту** ыраак (жерде, жерге, жерден); **колóменская верстá** *разг. ирон.* абдан узун бойлуу киши.

**ВЕРСТА'К** *м. тех.* верстак (*жыгач усталык ишке, слесардыкка, тунукечиликке ыңгайланган узунча стол*).

**ВЕРСТА'ТЬ** *несов. что, полигр.* вёрсткалоо, вёрстка кылуу (*терилген арилтерди бетке бөлүп иреттөө*); **верстáть кни́гу** китепти вёрсткалоо.

**ВЁРСТКА** *ж.* 1. (*действие*) вёрсткалоо, вёрстка кылуу; 2. (*свёрстанный набор*) вёрстка.

**ВЕРСТОВО'Й,** -áя, -óе **верста-***га т.*; **верстовóй столб** *уст.* чакырым мамысы (*жолдун боюнда чакырымды көрсөтүп туруучу мамы*).

**ВЕ'РТЕЛ** *м.* шиш (*кебептин шиши*).

**ВЕРТЕ'П** *м.* вертеп, кылмыш, бузуктук кыла турган орун (*качкан-бозгон кесептер жыйылуучу жай, үй*).

**ВЕРТЕ'ТЬ** *несов.* 1. *что, чем* (*вращать*) дөңгөлөтүү, айландыруу, тегеретүү; **вертéть колесó** дөңгөлөктү айландыруу (тегеретүү, дөңгөлөтүү); **вертéть трóстью** колу менен таякты тегеретүү; 2. *кем-чем, перен. разг.* чайкоо, өз билгенин кылып бирөөнү башкаруу.

**ВЕРТЕ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*вращаться*) дөңгөлөнүү, айлануу, тегеренүү; **колесó вéртится** дөңгөлөк айланат; 2. *перен. разг.* имерчиктеп, тегеректеп кетпөө, кетпей жүрүү; **он вертéлся здесь цéлый день** ал бул жерде кечке эле имерчиктеп (тегеректеп) кетпей жүрдү; 3. *перен. разг.* (*изворачиваться*) тайсалдоо, кайпалактоо; **не вертúсь, а говори́ прáвду** тайсалдабай чыныңды айт; ◇ **не вертúсь под ногáми** бутка чалынба; **э́то слóво вéртится у меня́ на языкé** бул сөз тилимдин эле учунда турат.

**ВЕРТИКА'ЛЬ** *ж.* вертикаль, тик сызык; **по вертикáли** вертикалынан, тикесинен.

**ВЕРТИКА'ЛЬНО** *нареч.* вертикалынан, тикесинен.

**ВЕРТИКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое вертикалдуу, вертикалдык, тик; **вертикáльная ли́ния** вертикалдуу (тик) сызык.

**ВЕРТИХВО'СТКА** *ж. разг.* жеңил мүнөздүү шайкелең аял.

**ВЁРТКИЙ,** -ая, -ое *разг.* тың, шамдагай.

**ВЕРТЛЮ'Г** *м.* 1. *анат.* кашка жиликтин жамбаш менен биригүүчү башы; 2. *тех.* вертлюг (*түрдүү тегеренип туруучу механизмдердин подшипнигинде* (*уясында*) *айланып туруучу октун учу*).

**ВЕРТЛЯ'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*непоседливый*) тынчыбаган, жөн тура албаган, кыйпычыктаган; 2. *перен.* (*ветреный*) турумсуз, жеңил ойлуу.

**ВЕРТОЛЁТ** *м.* вертолёт (*жкейиш линия боюнча күүлөнбөй эле жогору көтөрүлүп жана төмөн түшө ала турган жана винтинин атайын конструкциясына ылайык абада илинип тура алуучу абадан оор учуучу аппарат*).

**ВЕРТОПРА'Х** *м. разг.* учкаяк, жеңил мүнөздүү адам.

**ВЕРТУ'ШКА** *ж.* 1. (*вращающийся предмет*) айлангыч, тегеренме; 2. *разг.* (*о женщине*) ар кимге көп тийишип, чойтоктогон аял.

**ВЕРТЯ'ЧКА** *ж. вет.* кежең (*койдун оорусу*).

**ВЕ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **вéровать;** 2. *прил.* динге ишенүүчү; кудайга, диндин ырым-жырымдарына ишенүүчү; 3. *в знач. сущ. м., ж.* динчил адам.

**ВЕРФЬ** *ж.* верфь (*кемелер куруучу жана ремонттоочу жай*).

**ВЕРХ** *м.* 1. (*верхняя часть чего-л.*) *бир нерсенин* башы, чокусу; **верх горы́** тоонун башы; **он занимáет верх дóма** ал үйдүн жогорку жагын (үстүңкү кабатын) ээлейт; 2. (*экипажа*) *бир нерсенин* үстү; 3. (*одежды*) *бир нерсенин* тышы, сырты; **сукóнный верх шýбы** ичиктин сукно тышы; 4. (*высшая степень, предел*) эң жогорку тепкич, эң жогорку жеткен жери; **верх совершéнства** барып турган сонундук (мыктылык, кемтиксиздик); **на верхý блажéнства** жыргалчылыктын, ыракаттын барып турган жеринде; 5. **верхи́** *мн.* (*правящие круги*) кандайдыр бир уюмдун жетекчи адамдары, жогорку катмары (башкаруучулары); 6. **верхи́** *мн. муз.* (*высокие звуки*) ичке үндөр; ◇ **одержáть (взять) верх** *над кем-чем-л.* *бирөөнү же бир нерсени* жеңип чыгуу (үстөмдүк кылуу); **нахватáться верхóв** *разг.* үстүртөн үйрөнүү.

**ВЕРХИ'** *только мн. см.* **верх** 5, 6.

**ВЕ'РХНИЙ,** -яя, -ее 1. (*расположенный наверху*) үстүңкү, өөдө жактагы, жогорку жактагы; **вéрхний этáж дóма** үйдүн үстүңкү кабаты; 2. (*близкий к верховью реки*) баш; **вéрхнее течéние реки́** дарыянын баш жагы; 3. (*надеваемый поверх чего-л.*) тышкы, сырткы, сырт; **вéрхнее плáтье** тыш кийим; 4. *муз.* ичке (*үн*); ◇ **вéрхняя палáта** *полит.* жогорку палата.

**ВЕРХОВЕ'НСТВО** *ср. уст.* үстөмдүк, башкаруу, башкаруучулук.

**ВЕРХО'ВНЫЙ,** -ая, -ое жогорку; **Верхóвный Совéт СССР** СССР Жогорку Совети; **Верхóвный Суд СССР** СССР Жогорку Соту; **верхóвный главнокомáндующий** жогорку башкы командачы.

**ВЕРХОВО'Д** *м. разг.* мык чегер, төпө башы.

www.bizdin.kg

**ВЕРХОВО'ДИТЬ** *несов. кем-чем, разг.* мык чегердик кылуу, төпө башылык кылуу.

**ВЕРХОВО'Й,** -а́я, -о́е **1.** минип жүрүүгө таандык; **верхова́я езда́** атчан жүрүш; **верхова́я ло́шадь** миниле турган ат; **2.** *в знач. сущ. м.* атчан киши; **посла́ть верхово́го с донесе́нием** атчан кишини кабар менен жиберүү.

**ВЕРХО'ВЬЕ** *ср.* дарыянын баш жагы, жогорку жагы; **верхо́вье Во́лги** Волганын баш жагы.

**ВЕРХОГЛЯ'Д** *м. разг.* үстүртөн кароочу, үстүртөн билүүчү.

**ВЕРХОГЛЯ'ДСТВО** *ср. разг.* үстүртөн кароочулук, үстүртөн билүүчүлүк.

**ВЕРХОЛА'З** *м.* верхолаз (*бийик нерсенин, мис. имараттын төбөсүнө чыгып иштөөчү жумушчу*).

**ВЕ'РХОМ** *нареч. разг.* **1.** (*по нагорной части местности*) өөдө жагы менен, жогору жагы менен; **идти́ ве́рхом** жогору жагы менен баруу (жүрүү); **2.** *разг.* (*выше краёв*) толтура, мелт-калт; **нали́ть стака́н ве́рхом** стаканды мелт-калт толтуруу.

**ВЕРХО'М** *нареч.* атчан; **е́здить верхо́м** атчан жүрүү.

**ВЕРХУ'ШЕЧНЫЙ,** -ая, -ое: **верху́шечный проце́сс в лёгких** өпкөнүн үстүңкү чети кургак учук менен ооруй баштоо.

**ВЕРХУ'ШКА** *ж.* **1.** (*верхняя часть чего-л.*) бир нерсенин учу, кылды башы; **верху́шка де́рева** жыгачтын учу; **2.** *перен. разг.* кандайдыр бир уюмдун жетекчи адамдары; **пра́вящая верху́шка буржуа́зных стран** буржуазиялык өлкөлөрдүн башкаруучу катмары.

**ВЕРЧЕ'НИЕ** *ср.* айландыруу, тегерентүү, тегеретүү.

**ВЕ'РША** *ж. обл.* кодоо (*балык кармоо үчүн чырпыктан же сымдан жасалган кодоо*).

**ВЕРШИ'НА** *ж.* **1.** чоку; **верши́на горы́** тоонун чокусу; **2.** *перен. бир нерсенин* эң жогорку баскычы, эң жогорку чекити; **верши́на сла́вы** даңктын, атактын эң жогорку баскычы; ◇ **верши́на угла́** *мат.* бурчтун чокусу.

**ВЕРШИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* чечүүчү, жүргүзүүчү, башкаруучу, аяктоочу; **верши́тель су́деб** тагдырды чечүүчү.

**ВЕРШИ'ТЬ** *несов. чем, уст.* башкаруу, чечүү, аяктоо; **верши́ть все́ми дела́ми** *разг.* бардык ишти башкаруу.

**ВЕРШО'К** *м. уст.* вершок (*4,4 см барабар узундук чени*).

**ВЕС** *м.* **1.** салмак, оордук; **определи́ть вес** салмагын, оордугун аныктоо; **а́томный вес** атомдук салмак; **молекуля́рный вес** молекулалык салмак; **уде́льный вес** салыштырма салмак; **чи́стый вес** таза салмак; **живо́й вес** (*скота*) тирүү салмак; **ве́сом в два кило́** салмагы эки кило, оордугу эки кило; **продава́ть на вес** таразалап сатуу; **2.** *перен.* (*влияние, авторитет*) бедел, кадыр; **челове́к с больши́м ве́сом** чоң кадырдуу адам; ◇ **на вес зо́лота** кадыры *же* баасы алтын менен барабар; **приба́вить в ве́се** семирүү; **на весу́** илинип, илинип туруп, асылып, асылып туруп, асылып турган абалда, салаңдаган абалда.

**ВЕСЕЛЕ'ТЬ** *несов.* көңүл ачыла баштоо, кубануу, көңүл көтөрүлүү.

**ВЕСЕЛИ'ТЬ** *несов. кого* **1.** көңүл ачуу, көңүл көтөрүү, көңүл сергитүү; **2.** (*радовать*) кубантуу, кубандыруу, сүйүнтүү.

**ВЕСЕЛИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** көңүл ачуу, көңүл көтөрүү, көңүл сергитүү; **2.** (*радоваться*) кубануу, сүйүнүү.

**ВЕ'СЕЛО I.** *нареч.* көңүлдүү, шаттанып; **она́ ве́село засмея́лась** ал шаттанып күлдү; **2.** *безл. в знач. сказ.* кубанычтуу, шаттуу, көңүлдүү; **мне о́чень ве́село** мага абдан көңүлдүү.

**ВЕСЁЛОСТЬ** *ж.* кубанычтык, шайырлык, шаттуулук, куунактык, ачык көңүлдүүлүк, көңүл көтөрүңкүлүк.

**ВЕСЁЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*жизнерадостный*) көңүлдүү, шайыр, жадырап жайнаган, оюнкараак, тамашакөй, куунак; **весёлый челове́к** шайыр адам; **у него́ весёлое настрое́ние** анын көңүлү куунак; **2.** (*доставляющий веселье*) көңүлдүү; **весёлый спекта́кль** көңүлдүү спектакль.

**ВЕСЕ'ЛЬЕ** *ср.* көңүлдүүлүк, кубанычтуулук, жайдарылык, куунактык, шайырлык, шаттуулук.

**ВЕСЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **весло**-*го т.*; калактуу; **весе́льная ло́дка** калактуу кайык.

**ВЕСЕЛЬЧА'К** *м. разг.* кабагы жарык, шайыр, жаркылдаган.

**ВЕСЕЛЯ'ЩИЙ: веселя́щий газ** *хим.* мас кылуучу газ (*өзгөчө бир мастык абалга келтирүүчү газ*).

**ВЕСЕ'ННИЙ,** -яя, -ее жазгы, жазындагы; **весе́нняя посевна́я кампа́ния** жазгы кош айдоо кампаниясы; **весе́нняя пора́** жазгы мезгил.

**ВЕ'СИТЬ** *несов.* салмагы ... болуу; ... келүү; **э́та ры́ба ве́сит два килогра́мма** бул балык эки килограмм келет, бул балыктын салмагы эки килограмм.

**ВЕ'СКИЙ,** -ая, -ое салмактуу, негиздүү, маанилүү; **ве́ское замеча́ние** маанилүү эскертүү; **ве́ский до́вод** негиздүү далил.

**ВЕ'СКО** *нареч.* салмактуу, негиздүү, маанилүү; **ве́ско говори́ть** негиздүү сүйлөө, салмактуу сүйлөө.

**ВЕ'СКОСТЬ** *ж.* олуттуулук, негиздүүлүк, маанилүүлүк.

**ВЕСЛО'** *ср.* калак (*кайыктын калагы*); **нале́чь на вёсла** калакка салмагын салуу; **идти́ на вёслах** калактын жардамы менен сүзүү.

**ВЕСНА'** *ж.* жаз.

**ВЕСНОВСПА'ШКА** *ж.* жазгы айдоо, жазгы жер айдоо.

**ВЕСНО'Й** *нареч.* жазында, жазы менен, жазгысын.

**ВЕСНО'Ю** *нареч. см.* **весно́й.**

**ВЕСНУ'ШКИ** *мн.* (*ед.* **весну́шка** *ж.*) сепкил.

**ВЕСНУ'ШЧАТЫЙ,** -ая, -ое сепкилдүү; **весну́шчатый ма́льчик** сепкилдүү бала.

**ВЕСОВО'Й,** -а́я, -о́е **1.** **весы**-*га т.*; **весова́я ги́ря** тараза ташы; **2.** (*продаваемый на вес*) таразалап берилүүчү, таразалануучу; **весово́й хлеб** таразалап берме нан.

**ВЕСОВЩИ'К** *м.* таразачы, гирчи.

**ВЕСО'МОСТЬ** *ж. физ.* салмак, оордук.

**ВЕСО'МЫЙ,** -ая, -ое **1.** *физ.* салмактуу, оордугу бар; **2.** *перен.* (*имеющий значение, значительный*) маанилүү, мааниси бар; **весо́мые доказа́тельства** маанилүү далилдер.

**ВЕСТ** *м. мор.* вест (**1.** *батыш*; **2.** *батыштан согуучу шамал*).

**ВЕСТИ'** *несов.* **1.** *кого* жетелөө, жетелеп жүрүү, жетелеп баруу, ээрчитип баруу; **вести́ за́ руку** колунан жетелөө; **вести́ по́д руку больно́го** ооруну колтугунан сүйөп алпаруу; **2.** *кого-что* (*возглавлять*) баштоо, баштап кирүү, алып баруу, алып кирүү (*кандайдыр бир нерсенин башында баруу*); **вести́ войска́ в бой** войсколорду согушка баштап киргизүү; **3.** *что* (*направлять движение чего-л.*) алпаруу, жүргүзүү, учуруу, башкаруу, айдоо; **вести́ по́езд** поездди жүргүзүү; **вести́ самолёт** самолёт учуруу; **4.** *что* (*прокладывать в каком-л. направлении*) өткөрүү, салуу, куруу; **вести́ шоссе́ на юг** шоссени түштүк жакты көздөй өткөрүү (куруу); **5.** (*служить дорогой куда-л.*) алып баруу; **тропи́нка ведёт к реке́** жалгыз аяк жол өзөнгө алып барат; **6.** *что* (*производить, осуществлять*) жүргүзүү, туруу; **вести́ перегово́ры** сүйлөшүүлөр жүргүзүү; **вести́ борьбу́ с маляри́ей** безгек менен күрөш жүргүзүү; **вести́ перепи́ску** кат жазышып (алышып) туруу; **вести́ войну́** согуш жүргүзүү; **7.** *что* (*руководить*) башкаруу, жетекчилик кылуу, алып баруу; **вести́ хозя́йство** чарбаны башкаруу, чарбаны алып баруу; **вести́ кружо́к** кружокко жетекчилик кылуу; **вести́ собра́ние** жыйналышты башкаруу (алып баруу); ◇ **вести́ нача́ло** *от чего-л. бир нерседен* башталуу; **вести́ себя́** өзүн алып жүрүү; **и у́хом не ведёт** *разг.* кулак салбайт, тыңшабайт, капарына албайт, капарына да алып койбойт, эч кандай көңүл бурбайт; **ложь к добру́ не ведёт** калп ырыс кесет.

**ВЕСТИБЮ'ЛЬ** *м.* вестибюль (*коомдук чоң үйлөрдүн кире беришиндеги бөлмө*).

www.bizdin.kg

**ВЕСТИ'СЬ** *несов.* **1.** (*быть в обыкновении*) адаттануу, адат болуу, келе жатуу; **так издавна ведётся** (*об обычае*) эзелден бери эле ушундай болуп келе жатат; **2.** *страд. к* **вести** 1—3, 6, 7.

**ВЕ'СТНИК** *м.* **1.** кабарчы, кабар алып келүүчү; **2.** (*о повременном издании*) Вестник (*кай бир информациялык газета, журналдардын аты*).

**ВЕСТОВО'Й,** -а́я, -о́е *уст.* **1.** кабар берүүчү, сигнал берүүчү; **вестова́я пу́шка** кабар берүүчү замбирек; **2.** *в знач. сущ. м. воен.* вестовой (*чабарман, чабармандык милдет аткаруучу ординарец*).

**ВЕ'СТОЧКА** *ж. ласк. от* **весть** I кичине кабар.

**ВЕСТЬ** I *ж.* кабар, дарек; **весть о побе́де** жеңиш жөнүндө кабар; **пропа́сть бе́з вести** дарексиз жок болуу, дарексиз жоголуу.

**ВЕСТЬ** II *разг.*: **не ве́сть что** (**кто, како́й** *и т. д.*) ким (эмне, кайдан, кандай *ж. б.*) экени белгисиз.

**ВЕСЫ'** *только мн.* тараза; **десяти́чные весы́** десятичный тараза; **апте́карские весы́** аптека таразасы, аптекалык тараза; **взве́сить на веса́х** таразага тартуу.

**ВЕСЬ** *мест. опред.* **1.** баары, баарысы, бүт, бүткүл, бүтүндөй, бардык; **весь день** күн бою, бир күн кечке; **во весь го́лос** үнүнүн бардыгынча; **во всю мочь** бардык күчү менен; **от всего́ се́рдца** чын жүрөктөн; **я весь промо́к** мен бүтүндөй суу болдум; **всего́ понемно́гу** *разг.* баарынан аз-аздан; **2.** *в знач. сущ.* **всё** *ср.* баардыгы, баарысы; **всё его́ ра́довало** бардыгы аны кубандырды; ◇ **всего́ хоро́шего** жакшы болуңуз, аман болуңуз, жакшы туруңуз, кош болуңуз; **во всю мочь** аябай, жандын бардыгынча; **при всём том** андай болсо да, кандай болбосун; **всё равно́** 1) (*безразлично*) баары бир; **мне всё равно́** мага баары бир; 2) *вводн. сл.* баары бир, ага карабай; **проси́ не проси́, я, всё равно́, э́то сде́лаю** жалынсаң да, жалынбасаң да, мен, баары бир, муну иштеймин; **всё одно́** *разг.* баары бир, баары окшош.

**ВЕСЬМА'** *нареч.* абдан, аябай, өтө эле, эң эле; **он весьма́ дово́лен** ал абдан ыраазы.

**ВЕТВИ'СТЫЙ,** -ая, -ое бутактуу, шактуу; **ветви́стое де́рево** бутактуу жыгач.

**ВЕТВИ'ТЬСЯ** *несов.* бутактануу, бутактоо, шактануу, шак байлоо.

**ВЕТВЬ** *ж.* **1.** (*ветка*) бутак, шак; **2.** *перен.* (*отрасль*) тармак, айрык; **3.** *перен.* (*родство*) санжырадагы орду.

**ВЕ'ТЕР** *м.* шамал; жел (*слабый*); **уме́ренный ве́тер** мелүүн (айдарым) шамал; **си́льный ве́тер** катуу шамал; **све́жий ве́тер** сергиткич шамал; **ре́зкий ве́тер** катуу шамал; **идти́ про́тив ве́тра** шамалга каршы жүрүү; ◇ **у него́ ве́тер в голове́** *разг.* эси жок, көңдөй адам; **броса́ть слова́ на́ ветер** ойлобой сүйлөө; **ищи́ ве́тра в по́ле** куйругун да карматпайт; куйругун да кармай албайсың.

**ВЕТЕРА'Н** *м.* **1.** ветеран (*аскерде картайган, тажрыйбалуу солдат*); **2.** *перен.* ветеран (*бир ишке көп эмгек сиңирген киши*); **ветера́н нау́ки** илимдин ветераны.

**ВЕТЕРИНА'Р** *м.* ветеринар (*ветеринария боюнча специалист — мал доктору*).

**ВЕТЕРИНА'РИЯ** *ж.* ветеринария (*айбандардын тузулуштөрү, оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илим*).

**ВЕТЕРИНА'РНЫЙ,** -ая, -ое **ветеринария**-*га т.*; ветеринариялык; **ветерина́рный пункт** ветеринариялык пункт; **ветерина́рный институ́т** ветеринариялык институт, ветеринария институту; **ветерина́рный врач** ветеринариялык врач (*мал доктору*).

**ВЕТЕРО'К** *м.* желаргы, кичине жел.

**ВЕ'ТКА** *ж.* **1.** бутак, бутакча, шак; **2.** (*железнодорожная*) айрык, бутак, тармак.

**ВЕТЛА'** *ж. талдын бир түрү.*

**ВЕТЛЕЧЕ'БНИЦА** *ж.* (ветерина́рная лече́бница) ветеринариялык дарылоо жайы.

**ВЕ'ТО** *ср. нескл. юр.* вето, тыюу (*кандайдыр бир нечимге тыюу салуу же жокко чыгаруу*); **наложи́ть ве́то** *на что-л. бир нерсеге* вето (тыюу) салуу; **пра́во ве́то** вето (тыюу) укугу.

**ВЕТО'ШКА** *ж.* эски-уску, ыпыр-сыпыр чүпүрөк.

**ВЕТО'ШНИК** *м. уст.* эски-уску кийим, чүпүрөк менен соода кылуучу киши.

**ВЕ'ТОШЬ** *ж. собир.* эски-уску, ыпыр-сыпыр нерселер.

**ВЕ'ТРЕНИК** *м. разг.* жеңил мүнөздүү киши, шайкелең киши.

**ВЕ'ТРЕНИЦА** *женск. р. к* **ве́треник.**

**ВЕ'ТРЕНО** *безл. в знач. сказ.* шамалдуу, желдүү; **сего́дня ве́трено** бүгүн шамалдап турат.

**ВЕ'ТРЕНОСТЬ** *ж.* жеңил мүнөздүүлүк, шайкелеңдик.

**ВЕ'ТРЕНЫЙ,** -ая, -ое **1.** шамалдуу, желдүү; **сего́дня ве́треная пого́да** бүгүн күн шамалдап турат; **2.** *перен.* жеңил мүнөздүү, шайкелең.

**ВЕТРОГО'Н** *м. разг.* жеңил мүнөздүү, шайкелең.

**ВЕТРОМЕ'Р** *м. физ.* ветромер (*шамалдын күчүн өлчөө үчүн колдонулуучу прибор*).

**ВЕТРОСИЛОВО'Й,** -а́я, -о́е шамалдын күчү менен жүрүүчү (*кыймылга келүүчү*).

**ВЕТРЯ'К** *м. разг.* **1.** (*мельница*) жел тегирмен; **2.** (*двигатель*) жел аркылуу кыймылга келтирүүчү.

**ВЕТРЯ'НКА** *ж. разг.* суу чечек (*оору*).

**ВЕ'ТРЯНЫЙ,** -ая, -ое **ветер**-*ге т.*; **ве́тряная ме́льница** жел тегирмен; ◇ **ве́тряная о́спа** *мед.* суу чечек (*чечек сымал оорунун бир түрү*).

**ВЕ'ТХИЙ,** -ая, -ое эскирген, карыган, абдан картайган; **ве́тхий до́мик** эскирген үй; **ве́тхое пла́тье** чалдыбары чыккан, абдан эскирген көйнөк.

**ВЕТХОЗАВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое *ирон.* (*отживший*) эскирген, атам заманкы, таң болгон.

**ВЕ'ТХОСТЬ** *ж.* өтө эскиргендик, эскилиги жеткендик.

**ВЕТЧИНА'** *ж.* ветчина (*чочконун сурсутулгөн сан эти*).

**ВЕТЧИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **ветчина**-*га т.*; **ветчи́нная колбаса́** ветчина колбасасы.

**ВЕТША'ТЬ** *несов.* эскирүү, чалдыбары чыгуу.

**ВЕ'ХА** *ж.* **1.** веха (*бир нерсенин чегин же жолдун багытын көрсөтүүчү мамы*); **ста́вить ве́хи в по́ле** талаага вехалар орнотуу; **2.** *перен.* веха, учур (*өсүүдөгү, өрчүүдөгү эң эле керектүү учур*); **основны́е ве́хи ру́сской исто́рии** орус тарыхынын негизги вехалары (учурлары).

**ВЕ'ЧЕ** *ср. ист.* вече (*Байыркы Русьта — шаардын тордын коомдук иштерди чечүүчү жыйналышы*).

**ВЕЧЕВО'Й,** -а́я, -о́е **вече**-*ге т.*; **вечево́й ко́локол** вече коңгуроосу, вечеге чакыруучу коңгуроо.

**ВЕ'ЧЕР** *м.* **1.** (*вечернее время*) кеч, кечкурун; **к ве́черу** кечкурун, кечке маал; **по вечера́м** кечинде; **под ве́чер** кечке жакын; **2.** (*собрание*) зоок кече; **устро́ить литерату́рный ве́чер** адабият зоок кечесин уюштуруу; **ве́чер та́нца** бий (танец) кечеси.

**ВЕЧЕРЕ'ТЬ** *несов. безл.* кеч кирүү, караңгы тартуу, караңгы түшүү; **зимо́й ра́но вечере́ет** кышында караңгы эрте түшөт, кышында эрте кеч кирет.

**ВЕЧЕРИ'НКА** *ж.* көңүл ачуу үчүн кечки чогулуш, кечки зоок; **студе́нческая вечери́нка** студенттердин көңүл ачуу кечеси.

**ВЕЧЕРКО'М** *нареч. разг.* кечинде, кечкурун, кечке жуук; **я зайду́ к вам вечерко́м** мен силердикине кечинде киремин.

**ВЕЧЕ'РНИЙ,** -яя, -ее кечки, кечинде иштелүүчү; **вече́рняя заря́** күндүн кечки (баткандагы) кызылы; **вече́рний час** кечки саат; **вече́рняя газе́та** кечки газета; **вече́рние ку́рсы** кечки курс; **вече́рнее пла́тье** кече көйнөгү (*зоок кечелер, театрлар үчүн*).

**ВЕ'ЧЕРОМ** *нареч.* кечинде, кечкурун, кечке жуук; **по́здно ве́чером** кечинде (*кеч караганда*).

www.bizdin.kg

**ВЕ'ЧНО** *нареч.* түбөлүк, түгөнбөс, дайыма, ар дайым; **он вечно занят** ал ар дайым эле бош эмес, анын колу дайыма эле бошобойт.

**ВЕЧНОЗЕЛЁНЫЙ**, -ая, -ое дайыма көгөрүп туруучу; **вечнозелёные деревья** дайыма көгөрүп туруучу жыгачтар (*мис. карагай*).

**ВЕ'ЧНОСТЬ** *ж.* түбөлүктүк, маңгилик, далай убак, көп убакыт; ◇ **кануть в вечность** зымкыя жоголуу; **целую вечность** көп убакыт.

**ВЕ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*бесконечный*) түбөлүк; **вечная материя** *филос.* түбөлүк материя; **вечная слава** түбөлүк даңк; **2.** (*постоянный, бессрочный*) түбөлүк; **вечная мерзлота** түбөлүк тоң; **передача земли колхозам на вечное пользование** жерди колхоздордун түбөлүк пайдаланышына өткөрүп берүү; **3.** *разг.* (*часто повторяющийся; неисчерпаемый*) түгөнбөс, түгөнгүс; **вечные споры** түгөнбөс талаштар; ◇ **вечное перо** түгөнбөс калем уч.

**ВЕ'ШАЛКА** *ж.* **1.** (*у платья*) илгич (*жакадагы*); **2.** (*для вешанья платья*) вешалка, кийим илгич.

**ВЕ'ШАТЬ** I *несов.* **1.** *что* илүү, асуу, илип коюу, асып коюу; **вешать лампу** лампаны илүү; **вешать картину на стену** сүрөттү дубалга илүү; **2.** *кого* (*подвергать смертной казни*) дарга асуу, дарга тартуу, дарга асып өлтүрүү; ◇ **вешать голову** башын шылкыйтуу, ындыны өчүү; **вешать собак** *разг.* бир деме болсо эле, ошондон көрүп айыптоо.

**ВЕ'ШАТЬ** II *несов. кого-что* (*взвешивать*) таразалоо, тартуу, оордугун өлчөө.

**ВЕ'ШАТЬСЯ** I *несов.* **1.** (*лишать себя жизни*) асынып өлүү; **2.** *страд. к* **вешать** I; ◇ **вешаться на шею** асылып алуу, жабышып алуу (*аял жөнүндө*).

**ВЕ'ШАТЬСЯ** II *несов.* **1.** (*на весах*) таразалануу, таразага тартылуу, өзүнүн салмагын өлчөө; **2.** *страд. к* **вешать** II.

**ВЕШИ'ТЬ** *несов. что, геод.* вехалоо (*вехаларды коюу*); **вешить дорогу** жолду вехалоо (*мамылар орнотуу*).

**ВЕ'ШНИЙ**, -яя, -ее *поэт.* жазгы, жазындагы; **вешние воды** жазгы суу (*кар эрип, кирген суу*).

**вешу, весишь** *и т. д. наст. вр. от* **весить**.

**ВЕЩА'НИЕ** *ср. см.* **радиовещание**.

**ВЕЩА'ТЬ** *несов. что* **1.** *поэт. уст.* (*предсказывать*) алдын ала айтуу, алдын ала билүү; **2.** *ирон.* далилсиз сүйлөп эле өз айтканын бербөө.

**ВЕЩЕВО'Й**, -ая, -ое **1.** буюмдай, буюмдата; **вещевое довольствие** буюмдата довольствие; **2.** буюм салынуучу, буюм коюлуучу; **вещевой мешок** буюм салынуучу мешок; **вещевой склад** буюм коюлуучу склад.

**ВЕЩЕ'СТВЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *филос.* (*материальный*) материалдык; **вещественный мир** материалдык дүйнө; **2.** *юр.* буюмдата, буюмдай; **вещественное доказательство** буюмдата далил.

**ВЕЩЕСТВО'** *ср.* зат; **горючее вещество** күйүүчү зат; **взрывчатое вещество** жарылуучу зат; **отравляющие вещества** уулантуучу (ууландыруучу, ууктуруучу) заттар; **обмен веществ** *физиол.* заттардын алмашуусу (алмашылышы).

**ВЕ'ЩИЙ**, -ая, -ее *поэт.* кайыптан кабар берген, аян берүүчү; **вещие слова** болочокту мурунтан айткан сөздөр, керээгөч сөздөр.

**ВЕЩУ'Н** *м. уст.* болочокту күн мурунтан көрө билүүчү.

**ВЕЩУ'НЬЯ** *женск. р. к* **вещун**.

**ВЕЩЬ** *ж.* **1.** (*предмет*) буюм, нерсе; **2. вещи** *мн.* (*имущество*) буюм, мүлк; **я собрал все свои вещи** мен өзүмдүн бардык буюмдарымды жыйнап койдум; **3.** (*багаж*) буюм, жолго алган буюм;. **сколько у вас вещей?** сиздин канча буюмуңуз бар?; **4.** (*произведение науки, искусства*) нерсе; **5.** (*нечто, обстоятельство, явление*) нерсе; **прекрасная вещь молодость!** жаштык сонун нерсе!; **удивительная вещь!** таң калардык нерсе!; **6.** *филос.* нерсе.

**ВЕ'ЯЛКА** *ж. с.-х.* веялка (*сапыргыч машина*).

**ВЕ'ЯЛЬЩИК** *м. с.-х.* веяльщик (*эгин сапыргыч киши*).

**ВЕ'ЯНИЕ** *ср.* **1.** (*зерна*) эгин сапыруу, аштык сапыруу; **2.** (*дуновение*) желдөө, желаргы жүрүү; **3.** *перен.* агым, багыт; **новые веяния в искусстве** искусстводогу жаңы агымдар (багыттар).

**ВЕ'ЯТЬ** *несов.* **1.** *что* (*зерно*) эгин сапыруу, аштык сапыруу; **2.** (*о ветре*) согуу, желдөө, желаргы жүрүү (*мис. шамал, жел*); **3.** (*развеваться*) желбирөө, желбирттөө, делбирөө; **веют знамёна** туулар желбирейт; **4.** *безл. чем* сезилүү, жыт келүү; **веет прохладой** салкын сезилип турат; **веет весной** жаздын жыты келип жатат; **5.** *безл. перен.* (*о приближении чего-л.*) *бир нерсенин* болушуна убакыттын жакын калышы.

**ВЖИВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **вжиться**.

**ВЖИ'ТЬСЯ** *сов. во что, разг.* көнүгүү, дагдылануу, дасуу; **актёр вжился в свою роль** актёр өзүнүн ролуна көнүктү (дасыды).

**ВЗ-** (**ВЗО-**, **ВЗЪ-**, **ВС-**) *приставка; төмөндөгүлөрдү көрсөтүүчү приставка:* 1) *жогору жакка багытталгандыкты көрсөтөт; мис.* **взлететь** жогору учуу, учуп чыгуу, учуп жогору көтөрүлүү; 2) *кыймыл-аракетти кандайдыр абалга, чекке жеткирүүнү көрсөтөт; мис.* **взболтать** чайкоо, чайкап аралаштыруу; 3) *кандайдыр бир чымырканган, күч менен болгон кыймыл-аракетти көрсөтөт; мис.* **взвыть** каңшылоо, каңшылап жиберүү, улуп-уңшуп жиберүү.

**ВЗАД** *нареч. разг.* артка, кайта, кийин жакка; **взад и вперёд** алга жана артка, ары-бери, илгери-кийин; **ни взад ни вперёд** алга да, артка да жылбай; илгери да, кийин да жүрбөй; ордунан жылбай; же ары, же бери болбой.

**ВЗАИ'МНОСТЬ** *ж.* өз ара жактыруучулук, бири-бирин жактыруучулук; **отвечать взаимностью** сүйгөнгө сүйүү менен жооп кайтаруу; **взаимность обязательств** милдеттенмени эки жак үчүн тең бирдей болушу; ◇ **пользоваться взаимностью** сүйүүгө сүйүү менен жооп алуу.

**ВЗАИ'МНЫЙ**, -ая, -ое өз ара; эки тараптан болгон, эки жактан тең болгон; **взаимное доверие** өз ара ишенич; **взаимная любовь** өз ара сүйүш, эки жактан тең болгон сүйүү; ◇ **взаимный залог** *грам.* кош буйрук залог.

**ВЗАИМОВЫ'ГОДНЫЙ**, -ая, -ое эки тарапка тең пайдалуу; **торговля на взаимовыгодных условиях** эки тарапка тең пайдалуу шартта жүргүзүлгөн соода.

**ВЗАИМОДЕ'ЙСТВИЕ** *ср.* өз ара аракеттешүү, бирге аракеттешүү; **взаимодействие общественных явлений** коомдук кубулуштардын өз ара аракеттешүүсү; **взаимодействие всех родов войск** войсколордун бардык түрлөрүнүн бирге аракеттешүүсү; **во взаимодействии** бирге аракеттенишип.

**ВЗАИМОДЕ'ЙСТВОВАТЬ** *несов.* өз ара аракеттешүү, бирдикте аракеттешүү.

**ВЗАИМОЗАВИ'СИМОСТЬ** *ж. филос.* бири-бирине (өз ара) көз карандылык.

**ВЗАИМОИСКЛЮЧА'ЮЩИЙ**, -ая, -ее өз ара карама-каршы, бирине-бири каршы келүүчү.

**ВЗАИМООБУСЛО'ВЛЕННОСТЬ** *ж. филос.* бири-бирин (өз ара) шарттоочулук.

**ВЗАИМООТНОШЕ'НИЕ** *ср.* мамилелешүү, өз ара мамиле, өз ара катнаш; **у меня с ним нормальные взаимоотношения** менин аны менен мамилем кадимкидей; **обострение взаимоотношений** өз ара мамиленин курчушу.

**ВЗАИМОПО'МОЩЬ** *ж.* жардамдашуу, өз ара жардамдашуу; **договор о дружбе и взаимопомощи** достук жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү договор; **касса взаимопомощи** өз ара жардамдашуу кассасы.

**ВЗАИМОПОНИМА'НИЕ** *ср.* өз ара түшүнүшүү, бири-бирине түшүнүү; **между нами достигнуто полное взаимопонимание** биз өз ара толук түшүнүшүүгө жетиштик.

www.bizdin.kg

**ВЗАИМОПРОНИКНОВЕ'НИЕ** *ср.* өз ара сиңишүү; **взаимопроникнове́ние одного́ вещества́ в друго́е** бир зат менен экинчи заттын өз ара сиңиши.

**ВЗАИМОСВЯ'ЗЬ** *ж.* өз ара байланыш; **ме́жду э́тими собы́тиями существу́ет пряма́я взаимосвя́зь** бул окуялардын ортосунда түздөн-түз өз ара байланыш бар.

**ВЗАЙМЫ'** *нареч.* карызга, карыз; **взять взаймы́** карызга алуу, карыз алуу; **дать взаймы́** карызга берүү.

**ВЗАМЕ'Н** *предлог с род. п.* ордуна, өтөлгөсүнө; **что дади́те вы мне взаме́н э́той кни́ги?** сиз бул китептин ордуна мага эмне бересиз?

**ВЗАПЕРТИ'** *нареч.* 1. жабык үйдө, жабык жерде; 2. *перен. разг.* (*в уединении*) жалгыздыкта, кишилер менен аралашпай тунт; **жить взаперти́** кишилер менен аралашпай тунт жашоо.

**ВЗАПРА'ВДУ** *нареч. прост.* чындыгында, ырас эле, анык эле, **э́то взапра́вду бы́ло?** бул чындыгында болгон беле?

**ВЗА'ПУСКИ** *нареч. разг.*: **бе́гать вза́пуски** жарышып жүгүрүү.

**ВЗАТЯ'ЖКУ** *нареч. разг.*: **кури́ть взатя́жку** (*тамеки тартканда түтүндү*) ичине тартуу.

**ВЗА'ШЕЙ** *нареч. прост.* көк желкеге коюп, түрткүлөп; **прогна́ть вза́шей** түрткүлөп кууп чыгаруу.

**ВЗБА'ДРИВАТЬ** *несов. см.* **взбодри́ть.**

**ВЗБАЛАМУ'ТИТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*воду*) ылайлоо; 2. *кого-что, перен.* (*взволновать*) дүрбөлөң түшүрүү.

**ВЗБА'ЛМОШНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* оопай, жинди чалыш.

**ВЗБА'ЛТЫВАНИЕ** *ср.* чайкоо, чайкап аралаштыруу.

**ВЗБА'ЛТЫВАТЬ** *несов. см.* **взболта́ть.**

**ВЗБЕГА'ТЬ** *несов. см.* **взбежа́ть.**

**ВЗБЕЖА'ТЬ** *сов.* жүгүрүп чыгуу (*үстүгө, бийикке*).

**ВЗБЕЛЕНИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* туталануу, жаалдануу, кыжырдануу, кыжыры кайноо.

**ВЗБЕСИ'ТЬ** *сов. кого* туталантуу, жаалын чыгаруу, кыжырын кайнатуу.

**ВЗБЕСИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о животных*) кутуруу; 2. *перен. разг.* (*прийти в ярость*) туталануу, жаалдануу, кыжырдануу.

**ВЗБЕШЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **взбеси́ть;** 2. *прил.* туталанган, жаалданган, кыжырданган.

**ВЗБИВА'ТЬ** *несов. см.* **взбить.**

**ВЗБИРА'ТЬСЯ** *несов. см.* **взобра́ться.**

**ВЗБИ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **взбить;** 2. *прил.* (*о подушке, перине*) чапкылап көптүрүлгөн, көптүрүлгөн; **хорошо́ взби́тые поду́шки** жакшы көптүрүлгөн жаздыктар; 3. *прил.* (*о белках, сливках*) чалып көбүртүлгөн, бышып көбүртүлгөн; **взби́тые сли́вки** чалынып көбүртүлгөн каймак.

**ВЗБИТЬ** *сов. что* 1. (*подушки, перину*) чапкылап көптүрүү, көптүрүү; 2. (*белки, сливки*) чалып көбүртүү, бышып көбүртүү; 3. (*локоны*) үрпөйтүү.

**ВЗБИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о подушке, перине*) (чаап) көптүрүлүү; 2. (*о белках, сливках*) чалынып көбүрүү, бышылып көбүрүү.

**ВЗБОДРИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* сергитүү, көңүлүн көтөрүү, күч берүү.

**ВЗБОЛТА'ТЬ** *сов. что* чайкоо, чайкап аралаштыруу.

**ВЗБРЕСТИ'** *сов.*: **взбрести́ в го́лову** *разг.* болбогон нерсе ойго келе калуу.

**ВЗБРЫ'ЗГИВАТЬ** *несов. см.* **взбры́знуть.**

**ВЗБРЫ'ЗНУТЬ** *сов. что, разг.* бүркүп суулоо; **взбры́знуть цветы́** гүлдөргө суу бүркүү.

**ВЗБУДОРА'ЖЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **взбудора́жить;** 2. *прил.* тынчы алынган, тынчы кеткен, беймаза кылынган.

**ВЗБУДОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **взбудора́жить.**

**ВЗБУДОРА'ЖИТЬ** *сов. кого-что, разг.* тынчын алуу, тынчын кетирүү, беймаза кылуу.

**ВЗБУДОРА'ЖИТЬСЯ** *сов. разг.* тынчсыздануу, тынчы кетүү, беймаза болуу.

**ВЗБУНТОВА'ТЬ** *сов. кого* бунтка козутуу, козголоңго түрткүлөө.

**ВЗБУНТОВА'ТЬСЯ** *сов.* бунт чыгаруу, козголоң чыгаруу.

**ВЗБУХА'ТЬ** *несов. см.* **взбу́хнуть.**

**ВЗБУ'ХНУТЬ** *сов.* көбүү, барсаюу; **по́чки на дере́вьях взбу́хли** дарактын бүчүрлөрү көбүштү.

**ВЗБУ'ЧКА** *ж. разг.* 1. (*побои*) уруп-согуу, таяк жегизүү, сазайын колуна берүү; **дать взбу́чку** уруп-согуу, таяк жегизүү, сазайын колуна берүү; 2. (*выговор*) тил угуу, катуу сөгүш; **получи́ть взбу́чку** тил угуу; **дать взбу́чку** тил угузуу, катуу сөгүү.

**ВЗБУШЕВА'ТЬСЯ** *сов.* алкынып-жулкунуу, буркан-шаркан түшүү.

**ВЗВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **взвали́ть.**

**ВЗВАЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *что на кого-что* (*ношу*) салуу, көтөрүп салуу; **взвали́ть мешо́к на́ спину** мешокту аркага көтөрүп салуу; 2. *что на кого, перен. разг.* (*обременить чем-л.*) оор ишти жүктөө, тапшыруу; **он взвали́л на него́ всю рабо́ту** ал бардык ишти ага жүктөдү; 3. *что на кого, перен. разг.* (*приписать кому-л.*) башкага жабуу, бирөөгө оодара салуу; **взвали́ть вину́ на друго́го** күнөөнү башка бирөөгө оодара салуу.

**ВЗВЕ'СИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* таразалоо, оордугун өлчөө, тартуу; **взве́сить мешо́к** мешокту тартуу; 2. *что, перен.* маани берүү, баалап көрүү, салмактап көрүү; **взве́сить все до́воды** бардык далилдерди баалап көрүү.

**ВЗВЕ'СИТЬСЯ** *сов.* таразалануу, оордугу өлчөнүү, таразага тартылуу, өзүнүн салмагын өлчөп көрүү.

**ВЗВЕСТИ'** *сов.* 1. *что* (*поднять вверх*) жогору көтөрүү, кайыруу; **взвести́ куро́к** (*мылтыктын*) машаасын кайыруу; 2. *что на кого* (*приписать кому-л.*) жөнү жок жаба салуу; **он взвёл на тебя́ обвине́ние** ал сени жөнү жок айыптады; **взвести́ небыли́цу** *на кого-л. бирөөгө* болбогон нерсени жала жабуу.

**ВЗВЕ'ШИВАНИЕ** *ср.* 1. таразалоо, оордугун өлчөө, тартуу; 2. *перен.* маани берүү, баалап көрүү, салмактап көрүү.

**ВЗВЕ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **взве́сить.**

**ВЗВЕ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **взве́ситься;** 2. *страд. к* **взве́шивать.**

**ВЗВИВА'ТЬ** *несов. см.* **взвить.**

**ВЗВИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **взви́ться;** 2. *страд. к* **взвива́ть.**

**ВЗВИ'ДЕТЬ** *несов.*: **не взви́деть све́та** *разг.* жанынан түңүлө жаздоо, эсинен тана жаздоо (*катуу оорудан*).

**ВЗВИ'ЗГИВАТЬ** *несов. см.* **взви́згнуть.**

**ВЗВИ'ЗГНУТЬ** *однокр. разг.* чыр дей түшүү, чый этүү; **ма́льчик пронзи́тельно взви́згнул** бала катуу чыр этти.

**ВЗВИНТИ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *кого-что* (*напрячь*) күйкөлөктөнтүү, туталантуу; **взвинти́ть не́рвы** нервдерди кайнатуу; 2. *что, перен.* (*непомерно увеличить*) ыгы жок көтөрүү; **взвинти́ть це́ны** бааны ыгы жок көтөрүү.

**ВЗВИ'НЧЕННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* 1. *прич. от* **взвинти́ть;** 2. *прил.* ыгы жок көтөрүлгөн; **взви́нченные це́ны** өтө көтөрүлгөн баа.

**ВЗВИ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **взвинти́ть.**

**ВЗВИТЬ** *сов. что* жогору көтөрүү, асманга чыгаруу, көкөлөтүп чыгаруу; **ве́тер взвил пыль** шамал чаңды асманга чыгарды.

**ВЗВИ'ТЬСЯ** *сов.* атып чыгуу, кайып чыгуу, көкөлөп чыгуу, көтөрүлүү; **орёл взви́лся под облака́** бүркүт булуттун астына чейин көкөлөп чыкты; **взвили́сь разноцве́т-**

www.bizdin.kg

**ные ракéты** ар түрдүү түстөгү ракеталар асманга атылып чыкты; **над вершúной горы́ взвилóсь знáмя** тоонун башында туу желбиреп көтөрүлүп калды.

**ВЗВОД** I *м. воен.* взвод; **стрелкóвый взвод** аткыч взвод.

**ВЗВОД** II *м.* 1. (*действие*) жогору көтөрүү, кайыруу; **при взвóде куркá** машааны жогору көтөргөн кезде; 2. (*часть ружейного механизма*) взвод (*машааны взводго келтирүүчү мылтык тетигинин бир бөлүгү*).

**ВЗВОДИ'ТЬ** *несов. см.* **взвестú.**

**ВЗВОДНО'Й,** -áя, -óе **взвод** II-*ге т.*; **взводнáя пружúна** мылтыктын машасын кайырууга мүмкүндүк бере турган пружина.

**ВЗВО'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. **взвод** I-*ге т.*; **взвóдные учéния** взвод окуусу; 2. *в знач. сущ. м.* взвод командири.

**ВЗВОЛНО'ВАННО** *нареч.* толкунданып, тынчы кетип, көңүлдүн тынчтыгы бузулуп; **говорúть взволнóванно** толкунданып сүйлөө.

**ВЗВОЛНО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **взволновáть; он чéм-то взволнóван** ал эмнегедир бир нерсеге толкунданган, эмнегедир анын тынчы кеткен; 2. *прил.* толкунданган, тынчы кеткен, көңүлүнүн тынчтыгы бузулган.

**ВЗВОЛНОВА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*поднять волны*) толкундандыруу, толкутуу; 2. *кого-что* (*встревожить, возбудить*) толкундатуу, көңүлдүн тынчтыгын бузуу, тынчтыкты кетирүү.

**ВЗВОЛНОВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о море и т. п.*) толкундануу, толкуу; 2. (*встревожиться*) тынчсыздануу, тынчы кетүү, толкундануу, көңүлүнүн тынчтыгы бузулуу.

**ВЗВЫТЬ** *сов.* 1. каңшылоо, каңшылап жиберүү, улуп-уңшуп жиберүү; 2. *перен. разг.* озондоо (*мис. ооруга чыдабай*).

**ВЗГЛЯД** *м.* 1. караш, багыш, көз караш, кароо; **прúстальный взгляд** үңүлгөн, тикийген көз караш; **взгляд исподлóбья** кабагынын асты менен кароо; **взгляд украдкóй** астыртан көз чаптыруу; **брóсить взгляд** карап коюу, көз чаптыруу; **устремúть взгляд** тикие кароо; 2. (*мнение*) көз караш, пикир, ой; **политúческие взгляды** саясий көз караштар; **разделя́ть** *чьи-л.* **взгляды** *бирөөнүн* көз карашы менен макул болуу, *бирөөнүн* көз карашына кошулуу; ◇ **с пéрвого взглядá** а дегенде эле, а деп эле көргөндө, биринчи эле көргөндө, биринчи көз карашынан эле; **на взгляд** сыртынан караганда, өңүнөн караганда; **на мой взгляд** менин оюмча.

**ВЗГЛЯ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **взглянýть.**

**ВЗГЛЯНУ'ТЬ** *сов. на кого-что* кароо, карап коюу; **я взглянýл на негó** мен ага карадым; **я взглянýл вверх** мен жогору карадым; **он взглянýл на э́то дéло серьёзно** *перен.* ал бул ишке чындап олуттуу карады.

**ВЗГО'РЬЕ** *ср.* адыр.

**ВЗГРЕТЬ** *сов. кого* 1. (*отколотить*) аябай уруу, аябай сабоо, аябай тепкилөө; 2. *перен.* (*выругать*) тилдөө, жемелөө.

**ВЗГРОМОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **взгромоздúть.**

**ВЗГРОМОЖДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **взгромоздúться;** 2. *страд. к* **взгромождáть.**

**ВЗГРОМОЗДИ'ТЬ** *сов. что, разг.* биринин үстүнө бирин коюу.

**ВЗГРОМОЗДИ'ТЬСЯ** *сов. на что, разг.* бир нерсенин үстүнө арадан зорго чыгып олчоюп отуруу.

**ВЗГРУСТНУ'ТЬСЯ** *сов. безл.* бир аз капалык басуу, капага түшүү, бир аз санаага батуу; **мне взгрустнýлось** мен бир аз капа болдум.

**ВЗДВА'ИВАТЬ** *несов. см.* **вздвóить.**

**ВЗДВО'ИТЬ** *сов. что* эки катар болуу, эки катар болуп тизилүү; **ряды́ вздвой!** *воен.* эки катар тизил!

**ВЗДВОИ'ТЬ** *сов. что* (*вторично вспахать*) кайра (экинчи ирет) айдоо.

**ВЗДЁРГИВАТЬ** *несов. см.* **вздёрнуть.**

**ВЗДЁРНУТЫЙ,** -ая, -ое: **вздёрнутый нос** кетирейген, теңирейген мурун.

**ВЗДЁРНУТЬ** *сов. разг.* 1. (*поднять*) көтөрүү, силкип көтөрүү; 2. *кого* (*повесить*) асып өлтүрүү; ◇ **вздёрнуть нос** мурунду көтөрүү, мурунду теңирейтүү.

**ВЗДОР** *м.* бекер, сандырак; болбогон нерсе; **нестú (молóть, городúть) вздор** *разг.* оозуна келгенди оттой берүү, сандырактоо, былжыроо.

**ВЗДО'РИТЬ** *несов. разг.* урушуу, керишүү, сөгүшүү.

**ВЗДО'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*нелепый*) калп, аңырт, каңырыш; **вздóрный слух** калп сөз; 2. *разг.* (*сварливый*) урушчаак, жаңжалчы; **вздóрный человéк** урушчаак адам.

**ВЗДОРОЖА'НИЕ** *ср.* кымбаттоо, кымбаттап кетүү.

**ВЗДОРОЖА'ТЬ** *сов.* кымбаттоо, кымбаттап кетүү (*баа жөнүндө*).

**ВЗДОХ** *м.* дем алуу, ичке дем тартуу, демди ичке алуу; күрсүнүү (*тяжёлый*); **глубóкий вздох** ичке терең дем алуу; ◇ **испустúть послéдний вздох** жан берүү (*өлүү*).

**ВЗДОХНУ'ТЬ** *однокр.* ичке дем тартуу, демди ичке алуу; күрсүнүү (*тяжело*); **вздохнú глýбже** тереңирээк дем ал; ◇ **вздохнýть свобóдно** *разг.* кутулуп жыргап калуу, эркиндеп калуу.

**ВЗДРА'ГИВАТЬ** *несов. см.* **вздрóгнуть.**

**ВЗДРЕМНУ'ТЬ** *сов.* чырым этүү, кирпик кагуу, тук этүү.

**ВЗДРО'ГНУТЬ** *сов.* калтылдоо, селт этүү; **от неожúданности он вздрóгнул** ал күтүлбөгөндүктөн селт этип кетти.

**ВЗДУВА'ТЬ** *несов. см.* **вздуть** I.

**ВЗДУВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вздýться;** 2. *страд. к* **вздувáть.**

**ВЗДУ'МАТЬ** *сов. с неопр.* ойго келүү, ойлоо, ой туулуу, пикирге келүү; **он вздýмал прокатúться на лóдке** ал кайыкка түшүп тамаша кылууну ойлоду; ◇ **не вздýмай** *разг.* -чы болбо, -п жүрбө; **не вздýмай опоздáть** кечигип калчу болбо, кечигип калып жүрбө.

**ВЗДУ'МАТЬСЯ** *сов. безл. кому с неопр.* ойго түшө калуу, ойго келе калуу; **мне вздýмалось сегóдня пойтú в гóсти** менин бүгүн конокко баргым келди; ◇ **как вздýмается** *разг.* ойго келгендей.

**ВЗДУ'ТИЕ** *ср.* 1. көбүү, көпкөлөң тартуу, томпоюу, шишүү; **вздýтие животá** *мед.* курсактын көбүшү; 2. (*вздутое место*) бултуйган жер, кабарган жер, шишик.

**ВЗДУ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вздуть I; 2.** *прил.* көпкөн, көпкөлөң тарткан, бултуйган, кабарган; **вздýтая щекá** бултуйган бет; ◇ **вздýтые цéны** ыгы жок ашырылган баа.

**ВЗДУТЬ** I *сов. безл. что* бултуйтуу, кабартуу, көпкөлөң тарттыруу, шишитүү; **у меня́ вздýло щёку** менин бетим шишип кетти; ◇ **вздуть цéны** *разг.* бааны ыгы жок көтөрүү (ашыруу).

**ВЗДУТЬ** II *сов. кого, разг.* (*отколотить*) төмпөштөп коюу, төмпөштөп уруу.

**ВЗДУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*подняться кверху*) көтөрүлүү, ашуу, ашып-ташуу, ташкындоо; **рекá вздýлась от прольвны́х дождéй** өзөн кара нөшөр жаандан көтөрүлүп чыкты; 2. (*вспухнуть*) көбүү, көпкөлөң тартуу, шишүү; **щекá вздýлась от укýса пчелы́** бет аарынын чакканынан шишиди; ◇ **цéны вздýлись** *разг.* баа ыгы жок көтөрүлүп кетти.

**ВЗДЫ'БИТЬ** *сов. кого, разг.* арткы эки аягы менен тик тургузуу; **взды́бить конá** атты арткы эки аягы менен тик тургузуу.

**ВЗДЫ'БИТЬСЯ** *сов. разг.* арткы эки аягы менен тик туруу (*мис. ат*).

**ВЗДЫМА'ТЬ** *несов. что* жогору көтөрүү, өөдө көтөрүү; **вздымáть пыль** чаң көтөрүү.

**ВЗДЫМА'ТЬСЯ** *несов.* жогору көтөрүлүү, бийик көтөрүлүү; **вóлны вздымáются** толкундар жогору көтө-

www.bizdin.kg

рүлөт; **от волнéния у негó вздымáлась грудь** толкундангынынан анын көкүрөгү энтигип турду.

**ВЗДЫХА'ТЕЛЬ** *м. разг. шутл.* сүйүп калган, ашык болгон, жакшы көрүп артынан жүргөн.

**ВЗДЫХА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **вздохнýть;** 2. *о ком-чём, по ком-чём, перен.* (*грустить, тосковать*) куpсүнүү, ушкүрүү (*капа болуп, сагынып*); 3. *по ком-чём, разг. шутл.* (*быть влюблённым*) ашык болуу; **он вздыхáет по э́той дéвушке** ал бул кызга ашык болуп жүрөт.

**ВЗИМА'НИЕ** *ср.* алуу; **взимáние налóгов** налог алуу.

**ВЗИМА'ТЬ** *несов. что* алуу; **взимáть налóг** налог алуу.

**ВЗИРА'ТЬ** *несов. на кого-что, уст.* кароо.

**ВЗЛА'МЫВАТЬ** *несов. см.* **взломáть.**

**ВЗЛЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **взлезть.**

**ВЗЛЕЗТЬ** *сов. разг.* жогору чыгуу.

**ВЗЛЕЛЕ'ЯТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*вырастить*) эркелетип, сылап-сыйпап өстүрүү; 2. *что, перен. бир нерсени* оюнда көпкө сактап жүрүү; **взлелéять надéжду** оюнда бир үмүттү көпкө сактап жүрүү.

**ВЗЛЁТ** *м.* көкөлөп учуп чыгуу, асманга учуп чыгуу; ◇ **взлёт фантáзии** кыялдын учушу.

**ВЗЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **взлетéть.**

**ВЗЛЕТЕ'ТЬ** *сов.* 1. учуп чыгуу, учуп көтөрүлүү, жогору учуу, жогору кайып учуу; **птúца взлетéла на скалý** куш аскага учуп чыкты; 2. *перен. разг.* (*взбежать наверх*) жүгүрүп жогору чыгуу; **я взлетéл по лéстнице** мен баскыч менен жүгүрүп чыктым; ◇ **взлетéть на вóздух** бырқырап атылып чыгуу (*мис. бомба тийген үй*).

**ВЗЛЁТНЫЙ,** -ая, -ое: **взлётная площáдка** *ав.* самолёт учуп чыгуучу аянтча.

**ВЗЛОМ** *м.* бузуу, сындыруу; **крáжа со взлóмом** бузуп уурдоо (*кулпуну, эшикти ж. б.*).

**ВЗЛОМА'ТЬ** *сов. что* бузуп ачуу, сындырып ачуу; **взломáть закры́тую дверь** жабык турган эшикти бузуп ачуу.

**ВЗЛО'МЩИК** *м.* бузуп алгыч ууру, бузуп уурдоочу ууру.

**ВЗЛОХМА'ТИТЬ** *сов. кого-что* саксайтуу, уйпалоо.

**ВЗЛОХМА'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **взлохмáтить;** 2. *прил.* саксагай, саксайган, уйпаланган.

**ВЗЛОХМА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **взлохмáтить.**

**ВЗЛЮБИ'ТЬ: не взлюбúть** *кого-л. бирөөнү* жек көрүү, жактырбоо, жаман көрүү.

**ВЗМАХ** *м.* кагуу (*крыльев*); шилтөө (*рукú, косы́, веслá*); **одни́м взмáхом** *перен.* бир шилтөө менен эле.

**ВЗМА'ХИВАТЬ** *несов. см.* **взмахнýть.**

**ВЗМАХНУ'ТЬ** *однокр. чем* кагып жиберүү (*крыльями*); шилтеп жиберүү, сермеп жиберүү (*рукой, косой, веслом*); **взмахнýть флажкóм** желекчени сермеп жиберүү.

**ВЗМЁТ** *м. с.-х.* дың айдоо, шүдүгөр айдоо; **взмёт цели́ны́** дың айдоо.

**ВЗМЕТНУ'ТЬ** *однокр. что, чем* өтө ылдам шилтөө, кагуу, өтө тез ыргытып таштоо.

**ВЗМЕТНУ'ТЬСЯ** *однокр.* өтө тез атылып чыгуу, булт этүү; **ракéта взметнýлась к нéбу** ракета асманга атылып чыкты.

**ВЗМЁТЫВАТЬ** *несов. см.* **взметнýть.**

**ВЗМЁТЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **взметнýться.**

**ВЗМО'КНУТЬ** *сов. разг.* тердеп, суу болуу.

**ВЗМОЛИ'ТЬСЯ** *сов.* жалына баштоо, жалбара баштоо; **он взмоли́лся о пощáде** ал жан соогалап жалына баштады.

**ВЗМО'РЬЕ** *ср.* деңиздин жээги, деңиздин чети.

**ВЗМОСТИ'ТЬСЯ** *сов. на что, разг.* өтө бийик нерсенин үстүнө чыгып жайланышып орун алуу.

**ВЗМЫ'ЛЕННЫЙ,** -ая, -ое көбүктөп тердеген.

**ВЗМЫ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **взмы́лить.**

**ВЗМЫ'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **взмы́литься.**

**ВЗМЫ'ЛИТЬ** *сов. кого-что* көбүктөнтүү, көбүктөнтүп тердетүү (*мис. атты*).

**ВЗМЫ'ЛИТЬСЯ** *сов.* көбүктөнүп тердөө.

**ВЗНОС** *м.* 1. (*действие*) төлөө (*мис. мүчөлүк акы төлөө*); **взнос квартúрной плáты** квартира акысын төлөө; 2. (*уплаченные деньги*) взнос, акы, төлөм; **члéнские взнóсы** мүчөлүк взнос; **вступи́тельный взнос** кирүү взносу.

**ВЗНУЗДА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*лошадь*) ооздуктоо, ооздук катуу, ооздук салуу; 2. *перен.* ооздуктоо, өз эркине көндүрүү; **мы взнуздáли плоти́ной э́ту бýрную рéку** биз бул күркүрөгөн тентек сууну плотина менен ооздуктадык.

**ВЗО-** *приставка; бул «й»нин жана үнсүздөрдүн кээ бир айкалыштарынын алдында «вз-»дын ордуна колдонулат; мис.* **взорвáть** жаруу, жарып талкалоо.

**ВЗОБРА'ТЬСЯ** *сов. на кого-что* кыйындык менен өрмөлөп чыгуу; **он взобрáлся на сáмую вершúну горы́** ал тоонун кылды чокусуна чыкты.

**ВЗОЙТИ'** *сов.* 1. (*подняться наверх*) чыгуу; **взойтú на гору** тоого чыгуу; 2. (*о светилах*) чыгуу; **сóлнце взошлó** күн чыкты; 3. (*о ростках растений*) чыгуу, өнүү (*өсүмдүк жөнүндө*).

**ВЗОР** *м.* 1. кароо, караш; **задýмчивый взор** ойго баткан караш; **вперúть взор** тигиле кароо, тике кароо; **окúнуть взóром** көз чаптыруу; **пéред нáшим взóром откры́лась долúна** биздин көзүбүзгө өрөөн көрүндү; 2. *чаще мн., перен.* көз, көңүл; **взóры всех бы́ли прикóваны к э́тим собы́тиям** элдин бардыгынын көңүлү бул окуяга бурулган болчу.

**ВЗОРВА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*разрушить взрывом*) жаруу, жарып сындыруу, жарып талкалоо; 2. *чаще безл. кого, перен.* (*возмутить, рассердить*) жинди келтирүү, жинге тийүү, кыжырды кайнатуу; **меня́ взорвáло от егó лжи** анын калпы менин кыжырымды кайнатты.

**ВЗОРВА'ТЬСЯ** *сов.* жарылуу; **бóмба взорвалáсь** бомба жарылды.

**ВЗРАСТИ'ТЬ** *сов. кого-что* өстүрүү, тарбиялап өстүрүү.

**ВЗРА'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **взрастúть.**

**ВЗРЕВЕ'ТЬ** *сов.* бакыруу, бакырып жиберүү.

**ВЗРЕ'ЗАТЬ** *сов. что* кесүү, союу (*көрүү үчүн*); **взрéзать арбýз** дарбызды кесүү (союу).

**ВЗРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **взрéзать.**

**ВЗРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **взрéзать.**

**ВЗРО'СЛЫЙ,** -ая, -ое 1. чоңойгон, чоң, бойго жеткен; **взрóслый ю́ноша** бойго жеткен жигит; 2. **взрóслые** *мн.* чоңдор; **взрóслые и дéти** чоңдор жана балдар.

**ВЗРЫВ** *м.* 1. жарылуу, жарылыш; **взрыв снаря́да** снаряддын жарылышы; **взрыв склáда огнеприпáсов** ок-дары складынын жарылышы; 2. *перен.* дуу дей түшүү; **взрыв смéха** күлкүнүн дуу дей түшүшү, дуу күлкү; **взрыв аплодисмéнтов** дүркүрөгөн кол чабуулар.

**ВЗРЫВА'ТЕЛЬ** *м. тех., воен.* жарылткыч; **взрывáтель замéдленного дéйствия** аракети акырындатылган жарылткыч.

**ВЗРЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **взорвáть.**

**ВЗРЫВА'ТЬ** II *несов. см.* **взрыть.**

**ВЗРЫВА'ТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **взорвáться;** 2. *страд. к* **взрывáть** I (*см.* **взорвáть** 1).

**ВЗРЫВА'ТЬСЯ** II *несов. страд. к* **взрывáть** II.

**ВЗРЫВНО'Й,** -áя, -óе 1. **взрыв** 1-*ге т.*; жарылма, жарып бузма; **взрывнáя волнá** жарылуу толкуну; 2. *лингв.* жарылма; **взрывнóй звук** жарылма тыбыш (*мис. п, б*).

**ВЗРЫВЧА'ТКА** *ж. разг.* взрывчатка (*жардыруучу, жарылтуучу зат*).

**ВЗРЫ'ВЧАТЫЙ,** -ая, -ое жарылма, жарылгыч; **взры́вчатые веществá** жарылгыч заттар.

**ВЗРЫТЬ** *сов. что* казуу.

**ВЗРЫХЛЕ'НИЕ** *ср.* жумшартуу, борпоңдотуу, копшутуу.

www.bizdin.kg

**ВЗРЫХЛИ'ТЬ** *сов. что* жумшартуу, борпоңдотуу, копшутуу; **взрыхли́ть по́чву** топуракты жумшартуу.

**ВЗРЫХЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **взрыхли́ть.**

**ВЗЪ-** *приставка; бул «ь»нин алдында «вз»дын ордуна колдонулат; мис.* **взъеро́шить** тикирейтүү, саксайтуу, үрпүйтүү.

**ВЗЪЕДА'ТЬСЯ** *несов. см.* **взъе́сться.**

**ВЗЪЕРО'ШИВАТЬ** *несов. см.* **взъеро́шить.**

**ВЗЪЕРО'ШИТЬ** *сов. что, разг.* тикирейтүү, саксайтуу, үрпүйтүү.

**ВЗЪЕРО'ШИТЬСЯ** *сов.* тикирейүү, саксаюу, үрпүйүү.

**ВЗЪЕ'СТЬСЯ** *сов. на кого, разг.* кааруу, жемелөө, атырылуу, орондоо.

**ВЗЫВА'ТЬ** *несов. к кому-чему* жалбарып чакыруу; **взыва́ть о по́мощи** жардам деп, жалбаруу, жардам деп, тиленүү.

**ВЗЫСКА'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) төлөтүү, төлөтүп алуу; **2.** (*взысканные деньги*) төлөтүп алынган акча; **3.** (*наказание*) жаза; **наложи́ть взыска́ние** жаза берүү.

**ВЗЫСКА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое таламы күчтүү, жаасы катуу, бекем; тандай турган, талап кыла турган; **взыска́тельный кри́тик** таламы күчтүү сынчы.

**ВЗЫСКА'ТЬ** *сов. с кого* **1.** *что* төлөтүү; **взыска́ть нало́г** налогду төлөтүү; **2.** *за что* (*подвергнуть наказанию*) жазалоо; ◇ **не взыщи́те** *разг.* кечирициз, айыпка буюрбаңыз.

**ВЗЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **взыска́ть.**

**ВЗЯ'ТИЕ** *ср.* алуу, ээлеп алуу; **взя́тие кре́пости** крепостту алуу; **взя́тие в плен** туткунга алуу.

**ВЗЯ'ТКА** *ж.* **1.** (*подкуп*) пара; **брать взя́тки** пара алуу; **дава́ть взя́тки** пара берүү; **2.** (*в картах*) басып алган карта.

**ВЗЯ'ТОК** *м.* (*пчелы*) жыйым (*аарылардын бир учкандагы же бир топ убакыт ичинде жыйган балы*).

**ВЗЯ'ТОЧНИК** *м.* парачы, паракор.

**ВЗЯ'ТОЧНИЧЕСТВО** *ср.* пара алуучулук, паракордук.

**ВЗЯТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* алуу; **взять кни́гу в ру́ки** китепти колго алуу; **взять биле́ты в теа́тр** театрга билет алуу; **2.** *кого-что* (*овладеть, захватить*) алуу; **взять го́род** шаарды каратып алуу; **взять в плен** туткунга алуу; **3.** (*о направлении*) багыт алуу, карай жүрүү, бурулуу; **взять впра́во** оң жакка карай жүрүү; **я взял немно́го впра́во и вы́шел на большу́ю доро́гу** мен бир аз оңго карай жүрүп, чоң жолго чыктым; **взять вле́во** сол жакка карай жүрүү; **взять в сто́рону** башка жакка бурулуп кетүү; **4.** *что* (*отнять*) алуу; **э́то возьмёт мно́го вре́мени** бул көп убакытты алат; **5.** *разг.* (*вывести заключение, решить*) чыгарып алуу, таап ала коюу; **с чего́ ты э́то взял?** муну кайдан чыгарып алдың?; ◇ **взять на себя́ отве́тственность** жоопкерчилигин өзүнө алуу; **взять сло́во** (*на собрании*) сөз алуу (*сүйлөө үчүн*); **взять сло́во** *с кого-л.* *бирөөдөн* сөз алуу, *бирөөдөн* убадасын алуу; **взять свои́ слова́ обра́тно** сөзүн кайтарып алуу; **взять в жёны** аялдыкка алуу; **взять власть** бийликти алуу; **взять в ско́бки** *мат.* кашаанын ичине алуу; **взять под стра́жу** камакка алуу; **взять себя́ в ру́ки** өзүн өзү колго алуу; **взять** *кого-л.* **по́д руку** колтуктоо, колтуктап алуу; **взять** *кого-л.* **в свиде́тели** күбөлүккө алуу; **взять высо́кую но́ту** үнүн бийик чыгаруу; **взять курс на...** -га багыт алуу; **взять приме́р** *с кого-л.* *бирөөдөн* үлгү алуу; **меня́ взял страх** *разг.* мени коркунуч басты; **взять верх** үстөм келүү; **взять препя́тствие** тосколдон өтүү; **взять своё** өз энчисин алуу; **взять в оборо́т** *разг.* тезге салуу; **ни дать ни взять** *разг.* так эле өзүндөй, так эле өзү; **на́ша взяла́!** *разг.* биздики жеңди!, биз жеңдик!; **он взял да и уе́хал** *разг.* ал (*эч нерсеге карабай*) кетип калды.

**ВЗЯ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*схватиться за что-л.*) кармоо, тутуу, кармашуу; **взя́ться за пери́ла** перилаauthor кармоо; **они́ взя́лись за́ руки** алар кол кармашып алышты; **2.** (*приняться*) киришүү, алуу; **он взя́лся за рабо́ту** ал ишке киришти; **3.** *с неопр.* (*обязаться*) милдеттенүү; **он взя́лся написа́ть статью́ в газе́ту** ал газетага макала жазып берүүгө милдеттенди; **4.** (*появиться*) пайда болуу; **отку́да у тебя́ взяла́сь э́та кни́га?** бул китеп сага кайдан пайда болду?; ◇ **отку́да ни возьми́сь** *разг.* күтпөгөн жерден, эч ойдо жок жерден; **взя́ться за ум** *разг.* акыл токтотуу, акылга келүү (*өз катасын эске алып*).

**ВИАДУ'К** *м. архит.* виадук (*темир жолдун, же жолдордун, же коонун үстүнөн ж. б. өтүү үчүн салынган бийик көпүрө*).

**ВИБРА'ТОР** *м. физ.* вибратор (*термелүү кыймылын аткаруучу прибордун же аппараттын бөлүгү*).

**ВИБРА'ЦИЯ** *ж. физ.* вибрация (*кандайдыр бир заттын термелүүчү кыймылы, дирилдеши*).

**ВИБРИО'Н** *м. бакт.* вибрион (*ийилген таякча же үтүр формасындагы бактерия*); **вибрио́н холе́ры** холера вибриону.

**ВИБРИ'РОВАТЬ** *несов.* дирилдөө (*мис. комуздун кылы*); **струна́ вибри́рует** кыл дирилдейт.

**ВИВИСЕ'КЦИЯ** *ж.* вивисекция (*тирүү айбанды илимий максат үчүн союу*).

**ВИГО'НЕВЫЙ,** -ая, -ое **вигонь**-*го т.*

**ВИГО'НЬ** *ж. текст.* вигонь (*пахта жана жүн таштандыларынан ийрилген жип жана да ошондон жасалган кездеме*).

**ВИД** I *м.* **1.** (*внешность*) өң, ыраң, түспөл, түр; **у него́ здоро́вый вид** анын өңү дурус (*оору эмес*); **на вид** *или* **с ви́ду** *или* **по ви́ду** сыртынан караганда, өңүнө караганда, бир көргөндө; **ему́ на вид лет три́дцать** сыртынан караганда анын жашы отуздарда; **знать** *кого-л.* **по ви́ду** *бирөөнү* сыртынан (түспөлүнөн) билүү; **2.** (*состояние*) түр, абал, кейип; **в пья́ном ви́де** мас кейпи менен, мас болгон түрү менен; **рабо́та предста́влена в хоро́шем ви́де** иш жакшы түрдө тапшырылган; **3.** (*местность, видимая взором*) көрүнүш; **из окна́ открыва́лся вид на го́ры** терезеден тоонун көрүнүшү ачылып турду; **4.** (*поле зрения*): **на виду́ у всех** бардык элдин көзүнчө; **скры́ться и́з виду** көзгө көрүнбөй калуу; **потеря́ть и́з виду** көз алдынан жоготуп коюу; кабар албай калуу; **при ви́де** (**его́, её** *и т. п.*) көргөндө; **5.** (*изображение какой-л. местности*) көрүнүш; **ви́ды Пами́ра** Памирдин көрүнүштөрү; **6. ви́ды** *мн.* (*предположения, намерения*) божомол, божомолдоо; **ви́ды на урожа́й** түшүм болжолу; **ви́ды на бу́дущее** келечекти божомолдоо; ◇ **упусти́ть и́з виду** байкабай калуу, эстен чыгарып коюу, унутуп калуу; **для ви́да** тим эле (*башкалардын алдында*); **под ви́дом** шылтоо кылып; **в ви́де исключе́ния** исключение кылып; **вид на жи́тельство** *уст.* бир жерде туруууга укук бере турган документ; **поста́вить на вид** эскертүү берүү, навид берүү; **де́лать вид** -мышка салуу, -ымыш болуу, -гансуу, -ымыш болуп; **он де́лает вид, что пи́шет** ал жазымыш болуп отурат; **ты де́лаешь вид, что у́чишься, а сам безде́льничаешь** сен окугансыганың менен, чынында тим эле жүрөсүң; **не показа́ть ви́ду** сыр алдырбоо; **ни под каки́м ви́дом** эч бир, такыр, эмне кылса да; **име́ется в виду́** ...деген болуп эсептелет; **име́ть ви́ды** *на кого-л.* *бирөөнү* уйгарып жүрүү.

**ВИД** II *м.* **1.** (*в научной классификации*) вид, түр; **ви́ды живо́тных** айбандардын виддери; **2.** (*род, сорт*) түр; **ви́ды тра́нспорта** транспорттун түрлөрү; **3.** *грам.* түр; **соверше́нный вид** бүткөн түр; **несоверше́нный вид** бүтпөгөн түр.

**ВИ'ДАННЫЙ,** -ая, -ое: **ви́данное ли э́то де́ло?** *разг.* ушундай да болмок беле?, ушундай да болобу?; **где э́то ви́дано?** мындай укмуштуу ким көргөн?

**ВИДА'ТЬ** I *несов.* **1.** *см.* **ви́деть; 2.** *с отриц. разг.* көрүнбөйт; **по́езда ещё не вида́ть** поезд али көрүнбөйт; ◇ **вида́л?** көрдүңбү?; **вида́ли?** көрдүңөзбү?; **глаза́ б мои́ не вида́ли!** *разг.* куруп кетсин!, жерге кирсин!

www.bizdin.kg

**ВИДА'ТЬ** II *вводн. сл. разг.* окшойт, көрүнөт, шекилдүү; **он, видать, весёлый человек** ал шайыр адам окшойт.

**ВИДА'ТЬСЯ** *несов. разг. см.* **видеться** 1.

**ВИ'ДЕНИЕ** *ср.* көрө алуу; **ясное видение предметов** нерселерди ачык көрө алыш.

**ВИДЕ'НИЕ** *ср.* элес, кош көрүнүү; **в тумане появилось странное видение** тумандын ичинен укмуштуу элес пайда болду.

**ВОНЗИ'ТЬСЯ** *сов.* сайылуу, матырылуу.

**ВОНЬ** *ж. разг.* сасык жыт.

**ВОНЮ'ЧИЙ,** -ая, -ее *разг.* сасык.

**ВОНЯ'ТЬ** *несов. разг.* сасуу, быксуу, сасытуу, быксытуу.

**ВООБРАЖА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **воображать; 2.** *прил.* (*мнимый*) элестетилген, көз алдыга келтирилген; **меридианы и параллели — воображаемые линии** меридиандар жана параллелдер — элестетилген сызыктар.

**ВООБРАЖА'ТЬ** *несов.* **1.** *что* (*представить себе*) элестетүү, көз алдына келтирүү; **воображаю, как вы обрадовались** сиздин кандай кубангандыгыңызды көз алдыма элестетем; **2.** *разг.* (*составить преувеличенное представление о себе*) бой көтөрүү, бааланып калуу; **он много о себе воображает** ал өтө эле бой көтөрөт, өтө эле бааланат.

**ВООБРАЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** элестетүү; **2.** (*фантазия*) кыял.

**ВООБРАЗИ'ТЬ** *сов. см.* **воображать.**

www.bizdin.kg

**ВООБЩЕ'** *нареч.* 1. (*в общем*) жалпы, жалпы жонунан, жалпы алганда, жалпысынан; **вообще́ вы пра́вы** жалпысынан сиздики туура; 2. (*всегда, постоянно*) дайыма, ар убакта; **он вообще́ тако́й весёлый** ал дайыма эле ушундай шайыр; 3. (*совсем, при всяких условиях*) такыр, түк; **я вообще́ сего́дня никуда́ не пойду́** мен бүгүн такыр эч жакка барбаймын; ◇ **вообще́ говоря́** *вводн. сл.* жалпысынан айтканда.

**ВООДУШЕВИ'ТЬ** *сов. кого на что* көңүлүн көтөрүү, жандандыруу, шыктандыруу, кайрат айтуу.

**ВООДУШЕВИ'ТЬСЯ** *сов. чем* көңүл көтөрүлүү, жандануу, шыктануу.

**ВООДУШЕВЛЕ'НИЕ** *ср.* көңүл көтөрүлүү, жандануу, кайрат, көңүл көтөрүү, шыктануу; **рабо́тать с воодушевле́нием** шыктанып иштөө.

**ВООДУШЕВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **воодушеви́ть.**

**ВООДУШЕВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **воодушеви́ться;** 2. *страд. к* **воодушевля́ть.**

**ВООРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **вооружи́ть.**

**ВООРУЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вооружи́ться;** 2. *страд. к* **вооружа́ть.**

**ВООРУЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*снабжение оружием*) куралдануу, куралдандыруу; жабдуу (*оснащение*); **вооруже́ние а́рмии** армияны куралдандыруу; 2. *перен.* куралдануу, куралдандыруу; **вооруже́ние се́льского хозя́йства после́дними достиже́ниями нау́ки** айыл чарбасын илимдин акыркы жетишкендиктери менен куралдандыруу; 3. (*оружие*) курал, курал-жарак.

**ВООРУЖЁННОСТЬ** *ж.* куралдангандык, жабдылгандык.

**ВООРУЖЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вооружи́ть;** 2. *прил.* куралданган, куралдуу, каруу-жарактуу; **вооружённое восста́ние** куралдуу көтөрүлүш; 3. *перен.* куралданган; **вооружённый те́хникой** техника менен куралданган; **вооружённый зна́ниями** билим менен куралданган; ◇ **вооружённым гла́зом** оптикалык приборлор (*микроскоп, бинокль*) аркылуу (көрүү); **вооружённый до зубо́в** абдан куралданган, баштан аяк куралданган.

**ВООРУЖИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. куралдандыруу; жабдуу; **вооружи́ть а́рмию** армияны куралдандыруу; 2. *чем, перен.* куралдандыруу; **вооружи́ть наро́дное хозя́йство совреме́нной те́хникой** эл чарбасын азыркы замандын техникасы менен куралдандыруу; 3. *против кого-чего, перен.* каршы кылуу, душман кылуу, кайраштыруу.

**ВООРУЖИ'ТЬСЯ** *сов чем* 1. куралдануу, жабдынуу; 2. *перен.* куралдануу; **вооружи́ться зна́ниями** билим менен куралдануу; **вооружи́ться терпе́нием** чыдап сабыр кылып туруу.

**ВОО'ЧИЮ** *нареч.* өз көзү менен, өзү көрүп; **мы убеди́лись воо́чию в его́ большо́й трудоспосо́бности** анын эмгекке өтө жөндөмдүү экендигин биз өз көзүбүз менен көрүп ишендик.

**ВО-ПЕ'РВЫХ** *вводн. сл.* биринчиден.

**ВОПИ'ТЬ** *несов. разг.* кыйкыруу, бакыруу, өкүрүү, кокуйлоо.

**ВОПИЮ'ЩИЙ,** -ая, -ее кыжырды кайнаткан; **вопию́щий факт** кыжырды кайнаткан факт; ◇ **глас вопию́щего в пусты́не** куру талаага айтылган сөз.

**ВОПЛОТИ'ТЬ** *сов кого-что в ком-чём* ишке ашыруу, кооз түрдө көрсөтүү; **воплоти́ть свой за́мысел в но́вом произведе́нии** өз оюн жаңы чыгармада ишке ашыруу.

**ВОПЛОТИ'ТЬСЯ** *сов. в ком-чём* ишке ашырылуу, ишке ашуу, кооз формада көрсөтүлүү.

**ВОПЛОЩА'ТЬ** *несов. см.* **воплоти́ть.**

**ВОПЛОЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **воплоти́ться;** 2. *страд. к* **воплоща́ть.**

**ВОПЛОЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) ишке ашыруу, ишке ашуу. 2. *бир нерсенин* так эле өзү; **Плю́шкин — воплоще́ние ску́пости** Плюшкин — сарандыктын так эле өзү.

**ВОПЛОЩЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **воплоти́ть;** 2. *прил.* (*совершенный*) өтө, ашкан, барып турган, өзү эле; **он — воплощённая хра́брость** ал — баатырдыктын так эле өзү.

**ВОПЛЬ** *м.* өкүрүк, бакырык, ач кыйкырык.

**ВОПРЕКИ'** *предлог с дат. п.* каршы, карабастан; **вопреки́ жела́нию** тилекке каршы; **вопреки́ прика́зу** буйрукка карабастан.

**ВОПРО'С** *м.* 1. суроо; **зада́ть вопро́с** суроо берүү; **обрати́ться** *к кому-л.* **с вопро́сом** *бирөөгө* суроо менен кайрылуу; 2. (*проблема*) маселе; **национа́льный вопро́с** улут маселеси; **крестья́нский вопро́с** дыйкандар маселеси; **агра́рный вопро́с** агрардык маселе; **жили́щный вопро́с** турак жай маселеси; **поста́вить вопро́с на обсужде́ние** маселени талкууга коюу; **оста́вить вопро́с откры́тым** маселени ачык калтыруу (чечпей калтыруу); **спо́рный вопро́с** талаш маселе; **э́то ещё вопро́с, придёт ли он** ал келеби, жокпу бул белгисиз; **э́то остаётся под больши́м вопро́сом** бул — абдан шектүү; **вопро́с не в э́том** маселе мында эмес; 3. *разг.* (*дело, обстоятельство*) маселе; **весь вопро́с в том, что...** бардык маселе мында...; **э́то вопро́с вре́мени** маселе убакытта гана жатат; **обрати́ться по ли́чному вопро́су** жеке маселе боюнча кайрылуу; ◇ **вопро́с жи́зни и сме́рти** «өлдүм же калдым» деген маселе (*эң керектүү, чечкиндүү мааниси бар*); **что за вопро́с!** *разг.* сөз болууга мүмкүн эмес! албетте!

**ВОПРОСИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **вопрос**-*ко т.*; суроолуу; **вопроси́тельный взгляд** суроолуу көз караш; **вопроси́тельное предложе́ние** *грам.* суроолуу сүйлөм; **вопроси́тельный знак** *грам.* суроо белгиси.

**ВОПРО'СНИК** *м.* суроолор тизмеги.

**ВОПРО'СНЫЙ,** -ая, -ое **вопрос** 1-*ко т.*; **вопро́сный лист** суроо барагы.

**ВОПРОША'ТЬ** *несов. кого, уст.* суроо, суроо берүү.

**ВОР** *м.* ууру; **карма́нный вор** чөнтөк уурусу; **держи́те во́ра!** ууруну кармагыла!; ◇ **на во́ре ша́пка гори́т** *погов.* шектүү секирет.

**ВО'РВАНЬ** *ж.* ворвань (*деңиз айбандарынын эритилген майы*).

**ВОРВА'ТЬСЯ** *сов.* жулунуп кирүү, булкуп-жулкуп кирүү, дуулдап кирүү, кирип баруу; **бойцы́ ворва́лись в око́пы проти́вника** боецтер душмандын окопторуна кирип барышты.

**ВОРИ'ШКА** *м. разг.* майда ууру, жүлүк ууру.

**ВОРКОВА'НЬЕ** *ср.* 1. (*голубей*) күркүлдөө; 2. *перен.* чечилип сүйлөшүү (*мис. жигит-кыз*).

**ВОРКОВА'ТЬ** *несов.* 1. (*о голубях*) күркүлдөө; 2. *перен.* чечилип сүйлөшүү (*мис. жигит-кыз*).

**ВОРКОТНЯ'** *ж. разг.* ачууланып күбүрөө.

**ВОРОБЕ'Й** *м.* таранчы; ◇ **стре́ляный воробе́й** *разг.* куйдум-быштым болгон, алчы-таасын жеген, далайды көргөн, көк чоку.

**ВОРО'БУШЕК** *м. уменьш. от* **воробе́й** кичинекей таранчы.

**ВОРО'БЫШЕК** *м. см.* **воро́бушек.**

**ВОРОБЬИ'НЫЙ,** -ая, -ое **воробей**-*ге т.*; **воробьи́ная ста́я** таранчынын тобу; **воробьи́ное гнездо́** таранчынын уясы; ◇ **коро́че воробьи́ного но́са** *разг.* эң эле аз, кымындай эле.

**ВОРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. уурдалган; 2. *в знач. сущ. ср.* уурдалган (*мис. буюм*).

**ВОРОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое бир аз колунун туткабы бар (*киши*); **ворова́тый взгляд** бир аз арамзалыгы бар көз караш.

**ВОРОВА'ТЬ** *несов. кого-что* уурдоо, уурулук кылуу.

**ВОРО'ВКА** *женск. р. к* **вор.**

**ВОРОВСКО'Й,** -а́я, -о́е **вор**-*го т.*; **воровско́й прито́н** уурулардын чогулган жери.

**ВОРОВСТВО'** *ср.* уурулук.

www.bizdin.kg

**ВОРОЖБА'** *ж.* **1.** (*колдовство*) сыйкырчылык, көз байлоочулук; **2.** (*гадание*) бал ачуу, төлгө салуу.

**ВОРОЖЕЯ'** *ж.* балчы, төлгөчү.

**ВОРОЖИ'ТЬ** *несов.* **1.** (*колдовать*) сыйкырчылык кылуу, көз байлоо; **2.** (*гадать*) бал ачуу, төлгө салуу, төлгө тартуу, карта ачуу.

**ВО'РОН** *м.* кузгун.

**ВОРО'НА** *ж.* **1.** карга; **2.** *перен. разг.* (*зевака*) аңкайган, элегей, ачык ооз; ◇ **ворóн считáть** *разг.* элейип отуруу; **ворóна в павли́ньих пéрьях** тоостун канатын сайынган карга (*өзүн жогору көрсөтүүгө аракет кылып корозданган киши*); **пýганая ворóна кустá боится** *посл.* чочуган карга караандан коркот; **бéлая ворóна** ак карга (*башка карга окшобой, алардан кескин айырмаланып, бөлүнүп турган киши жөнүндө*).

**ВОРОНЁНЫЙ,** -ая, -ое: **воронёная сталь** *тех.* сырдалган болот.

**ВОРО'НИЙ,** -ья, -ье **ворона**-*га т.*; **ворóнье гнездó** карганын уясы.

**ВОРО'НКА** *ж.* **1.** (*яма от взрыва*) воронка (*снаряд, бомбанын түшүп жарылганынан оюлган жер*); **2.** (*для переливания жидкостей*) воронка, куйгуч.

**ВОРОНКООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое воронка түрүндөгү, воронка формасындагы, воронка сыяктуу.

**ВО'РОНОВ,** -а, -о: **цвéта вóронова крылá** карганын канатынын түсүндөгү (*өтө кара нерсе жөнүндө*).

**ВОРОНО'Й,** -áя, -óе кара; **воронáя лóшадь** кара ат.

**ВО'РОТ** I *м.* (*одежды*) жака; **схвати́ть** *кого-л.* **за вóрот** *бирөөнү* жакадан алуу.

**ВО'РОТ** II *м. тех.* ворот (*оор жүктөрдү жогору көтөрүү үчүн колдонулуучу өтө жөнөкөй машина*).

**ВОРО'ТА** *только мн.* **1.** дарбаза, капка; **2.** *спорт.* дарбаза; **удáр по ворóтам** дарбазаны көздөй уруу (*топту*).

**ВОРОТИ'ТЬ** *сов. разг. см.* **вернýть.**

**ВОРОТИ'ТЬСЯ** *сов. разг. см.* **вернýться.**

**ВОРОТНИ'К** *м.* жака; **меховóй воротни́к** мех жака (*көрпө, түлкү, суусар ж. б.*); **стоячий воротни́к** тик жака; **отложнóй воротни́к** кайырма жака.

**ВОРОТНИЧО'К** *м.* воротничок (*ак жака*).

**ВО'РОХ** *м.* **1.** бир топ, үймөк, үйүлгөн; **вóрох бумáг на столé** столдун үстүндө бир топ үйүлгөн кагаз; **2.** *перен.* толгон, толуп жаткан; **цéлый вóрох новостéй** толуп жаткан жаңылыктар.

**ВОРО'ЧАТЬ** *несов. разг.* **1.** *кого-что* оодаруу; **ворóчать брёвна** дөңгөчтү оодаруу; **2.** *чем, перен. разг.* (*распоряжаться*) башкаруу; **он ворóчает всéми делáми** ал бардык ишти башкарат.

**ВОРО'ЧАТЬСЯ** *несов. разг.* **1.** (*с боку на бок*) оонoo; **2.** (*шевелиться*) кыймылдоо.

**ВОРОШИ'ТЬ** *несов. что, разг.* которуштуруу, аралаштыруу; **вороши́ть сéно** чөптү которуштуруу.

**ВОРС** *м.* түк (*кездеменин бетиндеги түгү*); **по вóрсу** түгү боюнча; **прóтив вóрса** түгүнө каршы.

**ВОРСИ'НКА** *ж.* түк (*туктун бир талы*).

**ВОРСИ'СТЫЙ,** -ая, -ое түктүү.

**ВОРСОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **ворсовáльная маши́на** *тех.* түк чыгаруучу машина.

**ВОРСОВА'ТЬ** *несов. что, тех.* түктөө, түк чыгаруу.

**ВОРЧА'НИЕ** *ср.* **1.** (*человека*) күңкүлдөө; **2.** (*собаки*) ырылдоо.

**ВОРЧА'ТЬ** *несов.* **1.** (*о человеке*) күңкүлдөө; **2.** (*о собаке*) ырылдоо.

**ВОРЧЛИ'ВОСТЬ** *ж.* кажылдактык, күңкүлдөктүк.

**ВОРЧЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое кажылдаган, кажылдай берме, күңкүлдөгөн, күңкүлдөй берме.

**ВОРЧУ'Н** *м. разг.* кажылдак, күңкүлдөк.

**ВОРЧУ'НЬЯ** *женск. р. к* **ворчýн.**

**ВОС-** *приставка; каткалаң үнсүздөрдүн алдында «воз» дун ордуна колдонулат; мис.* **воспитáть** тарбиялоо.

**ВОСВОЯ'СИ** *нареч. разг.* өз жолуна (*өз жерине, өз үйүнө*); **отпрáвиться восвояси** өз жолуна түшүп жөнөө.

**ВОСЕМНА'ДЦАТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* он сегизинчи.

**ВОСЕМНА'ДЦАТЬ** *числ.* он сегиз.

**ВО'СЕМЬ** *числ.* сегиз.

**ВО'СЕМЬДЕСЯТ** *числ.* сексен.

**ВОСЕМЬСО'Т** *числ.* сегиз жүз.

**ВО'СЕМЬЮ** *нареч.* сегиз жерде; **вóсемью вóсемь — шестьдеся́т четы́ре** сегиз жерде сегиз — алтымыш төрт.

**ВОСК** *м.* мом.

**ВОСКЛИ'КНУТЬ** *сов.* кыйкырып жиберүү.

**ВОСКЛИЦА'НИЕ** *ср.* катуу үн берүү (*куйүнүчтү же сүйүнүчтү көрсөткөн үн*); **рáдостное восклицáние** сүйүнүп катуу кыйкырып жиберүү.

**ВОСКЛИЦА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое илептүү; **восклицáтельный знак** *грам.* илеп белгиси; **восклицáтельное предложéние** *грам.* илептүү сүйлөм.

**ВОСКЛИЦА'ТЬ** *несов. см.* **воскли́кнуть.**

**ВОСКО'ВКА** *ж.* момдолгон (*кагаз*).

**ВОСКОВО'Й,** -áя, -óе **1.** **воск**-*ко т.*; **восковáя свечá** мом шам; **2.** *перен.* (*мертвенно-бледный*) кер-сары, саргыч түс, саргыч ирең; **восковóе лицó** кер-сары өң, кер-сары бет.

**ВОСКРЕСА'ТЬ** *несов. см.* **воскрéснуть.**

**ВОСКРЕСЕ'НИЕ** *ср.* **1.** *рел.* кыяматта тирилүү; **2.** *перен.* (*возрождение*) тирилүү, кайтадан жан кирүү.

**ВОСКРЕСЕ'НЬЕ** *ср.* (*день недели*) жекшемби.

**ВОСКРЕСИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** *рел.* тирилтүү, кайта жан киргизүү, тиргизүү; **2.** *перен.* тирилтүү, кайтадан жаратуу.

**ВОСКРЕ'СНИК** *м.* жекшембилик.

**ВОСКРЕ'СНУТЬ** *сов.* **1.** *рел.* тирилүү; **2.** *перен.* (*возродиться*) кайтадан жаралуу.

**ВОСКРЕ'СНЫЙ,** -ая, -ое жекшемби күнкү; **воскрéсная прогýлка** жекшемби күнкү сейилдик.

**ВОСКРЕША'ТЬ** *несов. см.* **воскреси́ть.**

**ВОСКУРИ'ТЬ** *сов.*: **воскури́ть фимиáм** *кому-л. ирон.* *бирөөнү* ашыра мактоо.

**ВОСЛЕ'Д** *нареч. разг. см.* **вслед.**

**ВОСПАЛЕ'НИЕ** *ср. мед.* сезгенүү, кагынуу; **воспалéние лёгких** кабыргадан сезгенүү.

**ВОСПАЛЁННЫЙ,** -ая, -ое сезгенген, сезгенип кызарган.

**ВОСПАЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* сезгентүүчү, сезгентип кызартуучу; **воспали́тельный процéсс** сезгентүүчү процесс.

**ВОСПАЛИ'ТЬСЯ** *сов.* сезгенүү.

**ВОСПАЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **воспали́ться.**

**ВОСПЕВА'ТЬ** *несов. см.* **воспéть.**

**ВОСПЕ'ТЬ** *сов. кого-что, поэт.* мактап ырдоо.

**ВОСПИТА'НИЕ** *ср.* тарбия, тарбиялоо, тарбия берүү, тарбия кылуу; **физи́ческое воспитáние** дене тарбиясы.

**ВОСПИ'ТАННИК** *м.* тарбиялануучу, тарбияланган; **воспи́танник сувóровского учи́лища** Суворов училищесинин тарбиялануучусу.

**ВОСПИ'ТАННИЦА** *женск. р. к* **воспи́танник.**

**ВОСПИ'ТАННОСТЬ** *ж.* адептүүлүк, сылыктык.

**ВОСПИ'ТАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **воспитáть;** **2.** *прил.* (*вежливый*) тарбиялуу; **воспи́танный человéк** тарбиялуу адам.

**ВОСПИТА'ТЕЛЬ** *м.* тарбиячы, тарбиялоочу.

**ВОСПИТА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **воспитáтель.**

**ВОСПИТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **воспитание**-*ге т.*; тарбиялагыч, тарбиялоочу; **воспитáтельное значéние трудá** эмгектин тарбиялагыч мааниси.

**ВОСПИТА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **воспитание**-*ге т.*; **воспитáтельская рабóта** тарбия иштери.

**ВОСПИТА'ТЬ** *сов. кого-что, из кого, в ком* тарбиялоо, тарбия берүү, тарбия кылуу; өнөкөт кылуу (*привить*

www.bizdin.kg

*что-л. воспитанием*); **воспита́ть в дётях привы́чку к труду́** балдарды эмгекке өнөкөт алдырууга тарбиялоо; **воспита́ть ка́дры команди́ров произво́дства** өндүрүштүн командир кадрларын тарбиялоо.

**ВОСПИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **воспита́ть.**

**ВОСПИ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** тарбиялануу; **чу́вство дисципли́ны воспи́тывается в коллекти́ве** тартип сезими коллективде тарбияланат; **2.** *страд. к* **воспи́тывать.**

**ВОСПЛАМЕНЕ'НИЕ** *ср.* жалбырттоо, дүрт этүү, от алуу; **воспламене́ние горю́чих материа́лов** күйүүчү материалдардын от алышы.

**ВОСПЛАМЕНИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*зажечь*) жалындатуу, от алдыруу, жалбырттатуу, күйгүзүү; **2.** *кого-что, перен.* кыздыруу, кызытуу; **воспламени́ть ли́чным приме́ром** жеке үлгүсү менен кызытуу.

**ВОСПЛАМЕНИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*зажечься*) жалбырттоо, дүрт этип күйүү, от алуу; **2.** *перен.* кызуу.

**ВОСПЛАМЕНЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* тез тутангычтык, жалбырттагычтык, дүрт эткичтик, от алгычтык.

**ВОСПЛАМЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **воспламени́ть.**

**ВОСПЛАМЕНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **воспламени́ться; 2.** *страд. к* **воспламеня́ть.**

**ВОСПО'ЛНИТЬ** *сов. что* толуктоо, ордун басуу; **воспо́лнить пробе́лы в свои́х зна́ниях** өз билиминин кемчилдигин толуктоо.

**ВОСПО'ЛНИТЬСЯ** *сов.* (*пополниться, дополниться*) толукталуу, толуктануу, кемчилиги жоюлуу; **пробе́лы воспо́лнились впосле́дствии** акырында кемчиликтер жоюлду.

**ВОСПОЛНЯ'ТЬ** *несов. см.* **воспо́лнить.**

**ВОСПОЛНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **воспо́лниться; 2.** *страд. к* **восполня́ть.**

**ВОСПО'ЛЬЗОВАТЬСЯ** *сов. чем* пайдаланып калуу; **воспо́льзоваться слу́чаем** учурдан пайдалануу.

**ВОСПОМИНА'НИЕ** *ср.* **1.** эстөө, эсине алуу, эске түшүрүү; **2. воспомина́ния** *мн. лит.* эстелик (*автор өзү катышкан же замандаш болгон окуялар жөнүндөгү адабий чыгарма, мемуарлар же запискалар*).

**ВОСПРЕПЯ'ТСТВОВАТЬ** *сов. кому-чему в чём* токтотуу, жол бербөө, тоскоолдук кылуу.

**ВОСПРЕТИ'ТЬ** *сов. что кому и с неопр.* токтотуу, жол бербөө, тыюу, уруксат кылбоо.

**ВОСПРЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **воспрети́ть.**

**ВОСПРЕЩА'ТЬСЯ** *несов. безл.* тыюу салынуу, токтотулуу, жол берилбөө, уруксат кылынбоо; **кури́ть воспреща́ется** тамеки тартууга уруксат жок.

**ВОСПРЕЩЕ'НИЕ** *ср.* тыюу.

**ВОСПРИИ'МЧИВОСТЬ** *ж.* **1.** (*способность быстро усваивать что-л.*) тез түшүнүүчүлүк, баамдуулук, шыктуулук; **2.** (*предрасположенность*) кабылдагычтык, туруштук бере албоочулук (*мис. ооруга*).

**ВОСПРИИ'МЧИВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*быстро усваивающий что-л.*) тез түшүнүүчү, баамдуу, шыктуу; **2.** (*предрасположенный*) кабылдагыч, туруштук бере албаган (*мис. ооруга*).

**ВОСПРИНИМА'ТЬ** *несов. см.* **восприня́ть.**

**ВОСПРИНЯ'ТЬ** *сов. что* түшүнүү, билүү, өздөштүрүү.

**ВОСПРИЯ'ТИЕ** *ср.* **1.** (*способность воспринимать*) восприятие, өздөштүрүү, билүү, түшүнүү; **2.** (*то, что воспринято*) өздөштүрүлгөн, түшүнүк; **изуча́ть восприя́тия ребёнка** баланын түшүнүгүн үйрөнүү.

**ВОСПРОИЗВЕДЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) кайта өндүрүү, калыбына келтирүү; **2.** (*копия*) көчүрмө.

**ВОСПРОИЗВЕСТИ'** *сов. что* **1.** (*произвести вновь*) кайта өндүрүү, калыбына келтирүү; **2.** (*возобновить в памяти*) элестетүү, көз алдыга келтирүү; **3.** (*сделать копию*) мурунку калыбындагы көчүрмөсүн жасоо.

**ВОСПРОИЗВОДИ'ТЬ** *несов. см.* **воспроизвести́.**

**ВОСПРОИЗВОДИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** кайта өндүрүлүү; **2.** *страд. к* **воспроизводи́ть.**

**ВОСПРОИЗВО'ДСТВО** *ср. эк.* кайта өндүрүү (*коомдук өндүрүштүн дайыма жаңыланып турушу, үздүксүз кайталанышы*); **просто́е воспроизво́дство** жөнөкөй кайта өндүрүү; **расши́ренное воспроизво́дство** кеңейтилген кайта өндүрүү.

**ВОСПРОТИ'ВИТЬСЯ** *сов. кому-чему* каршы чыгуу, каяшалык кылуу.

**ВОСПРЯ'НУТЬ** *сов.* көтөрүлүү, эргүү; **воспря́нуть ду́хом** көңүл көтөрүлүү, көңүл эргүү.

**ВОСПЫЛА'ТЬ** *сов. чем, уст.* (*бир сезимге*) катуу берилүү (*сүйүүгө, ачууга ж. б.*); **воспыла́ть гне́вом** аябай ачуусу келүү.

**ВОССЕДА'ТЬ** *несов.* кекирейип, салтанаттуу отуруу.

**ВОССЕ'СТЬ** *сов. уст.*: **воссе́сть на престо́л** такка отуруу; падышалык кыла баштоо.

**ВОССОЕДИНЕ'НИЕ** *ср.* кайта кошуу, кайта кошулуу, кайта бириктирүү; **воссоедине́ние бра́тских наро́дов** бир тууган элдердин кайта кошулушу.

**ВОССОЕДИНИ'ТЬ** *сов. что с чем* кайта кошуу, кайта бириктирүү.

**ВОССОЕДИНИ'ТЬСЯ** *сов.* кайта биригүү, кайта кошулуу.

**ВОССОЕДИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **воссоедини́ть.**

**ВОССОЕДИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **воссоедини́ться; 2.** *страд. к* **воссоединя́ть.**

**ВОССОЗДАВА'ТЬ** *несов. см.* **воссозда́ть.**

**ВОССОЗДА'ТЬ** *сов. что* калыбына келтирүү, жаңыдан түзүү, элестетүү.

**ВОССТА'ВИТЬ** *сов.*: **восста́вить перпендикуля́р** *мат.* перпендикуляр тургузуу.

**ВОССТАВА'ТЬ** *несов. см.* **восста́ть.**

**ВОССТАНА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **восстанови́ть.**

**ВОССТАНА'ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **восстанови́ться; 2.** *страд. к* **восстана́вливать.**

**ВОССТА'НИЕ** *ср.* восстание, көтөрүлүш; **вооружённое восста́ние** куралдуу көтөрүлүш.

**ВОССТАНОВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **восстановление** 1-*ге т.*; кайта куруп калыбына келтирүүчү; **восстанови́тельный перио́д** калыбына келтирүү мезгили; **восстанови́тельный проце́сс** *биол.* калыбына келтирүү процесси.

**ВОССТАНОВИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*привести в прежний вид*) калыбына келтирүү; **восстанови́ть разру́шенный го́род** кыйраган шаарды калыбына келтирүү; **2.** *кого-что, перен.* (*воспроизвести*) элестөө, эстөө, эске түшүрүү; **восстанови́ть в па́мяти** өткөндөрдү эске түшүрүү; **3.** *кого в чём* (*вернуть прежнее положение*) өз ордуна кайта (кайра) коюу, калыбына келтирүү; **восстанови́ть в права́х** укугун калыбына келтирүү; **восстанови́ть в до́лжности** мурунку ордуна (кызматына) кайра коюу; **4.** *кого против кого-чего* (*враждебно настроить*) жоо кылуу, каршы коюу.

**ВОССТАНОВИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*принять прежний вид*) калыбына келүү, ордуна келүү; **здоро́вье восстанови́лось** ден соолук калыбына келди; **2.** (*вернуть себе прежнее положение*) кайта ээ болуу; **восстанови́ться в права́х** мурунку укугуна кайта ээ болуу.

**ВОССТАНОВЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** калыбына келтирүү, ордуна келтирүү; **восстановле́ние наро́дного хозя́йства** эл чарбачылыгын калыбына келтирүү; **восстановле́ние здоро́вья** ден соолукту калыбына келтирүү; **2.** өз ордуна кайра коюу, укугун кайра берүү, укугуна кайра ээ кылуу; **восстановле́ние в пре́жней до́лжности** мурунку кызматына кайра коюу.

**ВОССТА'ТЬ** *сов.* **1.** *против кого-чего, на кого* восстание чыгаруу, көтөрүлүш чыгаруу, каршы көтөрүлүп чыгуу; **2.** *против чего* (*не согласиться*) каршылык кылуу, каршы чыгуу.

**ВОСТО'К** *м.* чыгыш, күн чыгыш; **дви́гаться на восто́к** чыгышка карай жөнөө.

**ВОСТОКОВЕ'Д** *м.* востоковед (*востоковедение боюнча специалист-окумуштуу*).

www.bizdin.kg

**ВОСТОКОВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* востоковедение (*Чыгыш өлкөлөрү жөнүндөгү илимдердин жыйындысы, жалпы аты*).
**ВОСТОКОВЕ'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **востоковедение**-*ге т.*
**ВОСТО'РГ** *м.* чоң кубаныч, чоң шаттык, чоң сүйүнүч; **приводи́ть в восто́рг** аябай кубандыруу; **приходи́ть в восто́рг** аябай кубануу; **быть в восто́рге** аябай кубанычта болуу; **быть вне себя́ от восто́рга** кубанып аябай толкунданып кетүү.
**ВОСТОРГА'ТЬСЯ** *несов. кем-чем* аябай кубануу, чоң кубанычта болуу, абдан сүйүнүү.
**ВОСТО'РЖЕННО** *нареч.* кубанып, кубаныч менен, сүйүнүп, шаттанып, мактап; **восто́рженно отзыва́ться** *о ком-л. бирөө жөнүндө* абдан мактап өз пикирин айтуу.
**ВОСТО'РЖЕННОСТЬ** *ж.* кубангандык, сүйүнгөндүк, шаттангандык.
**ВОСТО'РЖЕННЫЙ,** -ая, -ое кубанган, сүйүнгөн, шаттанган, мактаган.
**ВОСТОРЖЕСТВОВА'ТЬ** *сов. над кем-чем* үстөм келүү, жеңип чыгуу, жеңип чыгып кыбасы кануу; **восторжествова́ть над проти́вником** душманды жеңип чыгуу.
**ВОСТО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **восток**-*ко т.*; **восто́чная грани́ца** чыгыш чек ара; **восто́чный ве́тер** чыгыштан соккон шамал
**ВОСТРЕ'БОВАНИЕ** *ср.* талап кылуу, жиберилген бир немени алууга суроо кылуу; **востре́бование гру́зов** жүктөрдү талап кылуу; ◇ **письмо́ до востре́бования** сурап алма кат.
**ВОСТРЕ'БОВАТЬ** *сов. что* талап кылуу, жиберилген бир нерсени алууга суроо кылуу.
**ВОСТРО'** *нареч.*: **держа́ть у́хо востро́** *разг.* сак болуу, кулак түрүү.
**ВОСХВАЛЕ'НИЕ** *ср.* абдан мактоо, аябай мактоо.
**ВОСХВАЛЯ'ТЬ** *несов. кого-что* абдан мактоо, аябай мактоо.
**ВОСХИТИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* эң эле сонун.
**ВОСХИТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое эң эле сонун; **восхити́тельный вид из окна́** терезеден көрүнгөн эң эле сонун көрүнүш.
**ВОСХИТИ'ТЬ** *сов. см.* **восхища́ть.**
**ВОСХИТИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **восхища́ться.**
**ВОСХИЩА'ТЬ** *несов. кого* кубандыруу, сүйүндүрүү, суктандыруу; **меня́ восхища́ет её пе́ние** анын ырдашы мени суктандырат.
**ВОСХИЩА'ТЬСЯ** *несов. кем-чем* кубануу, сүйүнүү, суктануу.
**ВОСХИЩЕ'НИЕ** *ср.* кубаныч, сүйүнүч, сукталыч; **прийти́ в восхище́ние** кубануу.
**ВОСХО'Д** *м.* чыгыш, чыгуу; **восхо́д со́лнца** күндүн чыгышы.
**ВОСХОДИ'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **взойти́; 2.** (*вести начало от чего-л.*) *бир немеден* келип чыгуу, түбү, тамыры *бир немеге* барып такалуу; **мно́гие обы́чаи восхо́дят к глубо́кой дре́вности** көп адаттардын түп-тамыры эң илгерки убакка туура келет.
**ВОСХОДЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее чыгуучу, көтөрүлүүчү, чыгып келе жаткан, көтөрүлүп келе жаткан; **восходя́щее со́лнце** чыгып келе жаткан күн; **восходя́щее движе́ние** күчөп чыгып келе жаткан кыймыл; **восходя́щая крива́я** *мат.* жогору кеткен ийри сызык; **восходя́щее ударе́ние** *лингв.* үндүн салмагы аягында жогорулаган басым; **восходя́щая звезда́** *перен.* чыгып келе жаткан чолпон (*үмүт туудуруп, өсүп келе жаткан таланттуу киши*).
**ВОСХОЖДЕ'НИЕ** *ср.* чыгуу; **восхожде́ние на верши́ну горы́** тоонун чокусуна чыгуу.
**ВОСШЕ'СТВИЕ** *ср.*: **восше́ствие на престо́л** *ист.* таква отуруу, тактыга отуруу.
**ВОСЬМЁРКА** *ж.* **1.** (*цифра*) сегиздик (*сегиз деген цифра*); **2.** (*группа из восьми*) сегиз; **восьмёрка самолётов** самолёттун сегизи; **3.** (*карта*) сегиздик (*сегиздик карта*).

**ВО'СЬМЕРО** *числ.* сегиз, сегиз жуп; **во́сьмеро мужчи́н** сегиз эркек; **во́сьмеро глаз** сегиз жуп көз.
**восьми́** *род. и предл. п. от* **во́семь.**
**ВОСЬМИГРА'ННИК** *м. мат.* сегиз кыр.
**ВОСЬМИГРА'ННЫЙ,** -ая, -ое сегиз кырдуу.
**восьми́десяти** *род. и предл. п. от* **во́семьдесят.**
**ВОСЬМИДЕСЯ'ТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* сексенинчи.
**ВОСЬМИКЛА'ССНИК** *м.* сегизинчи класста окуучу.
**ВОСЬМИКЛА'ССНИЦА** *женск. р. к* **восьмикла́ссник.**
**ВОСЬМИЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее **1.** (*о сроке*) сегиз жылдык; **2.** (*о возрасте*) сегиз жашар, сегиз жаштагы.
**восьмисо́т** *род. п. от* **восемьсо́т.**
**ВОСЬМИСО'ТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* сегиз жүзүнчү.
**восьмиста́ми** *твор. п. от* **восемьсо́т.**
**ВОСЬМИУГО'ЛЬНИК** *м. мат.* сегиз бурчтук.
**ВОСЬМИЧАСОВО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*длительностью в восемь часов*) сегиз сааттык, сегиз саатка созулган; **восьмичасово́й рабо́чий день** сегиз сааттык жумуш күнү; **2.** *разг.* (*назначенный на восемь часов*) саат сегиздеги.
**ВОСЬМО'Й,** -а́я, -о́е *числ.* сегизинчи; **восьмо́й час** сегизинчи саат.
**ВОСЬМУ'ШКА** *ж. разг.* **1.** *уст.* (*вес*) ашмушкө; **2.** (*восьмая часть*) восьмушка (*бир нерсенин сегизден бир бөлүгү*).
**восьмью́** *твор. п. от* **во́семь.**
**ВОТ** *частица* **1.** *указ.* мына, мынакей; **вот идёт по́езд** мына поезд келатат; **вот где я живу́** мына мен мында турам; **2.** (*для уточнения и усиления*) мына; **вот ва́с-то мне и на́до** мына мага силердин так эле өзүңөр керек; **вот хорошо́!** мына жакшы!; ◇ **вот тебе́ и на́!** мына эмесе!; **вот так та́к!** койчу! кантип ошондой болсун!; **во́т тебе!** мына сага!; **во́т ещё!** мына дагы!; **во́т как!** көрсө ушундай беле!; **вот та́к!** анан десең!; **вот так игро́к!** оюнчу деп ошону айт!; **во́т что!** мына эмесе!, болууга мүмкүн эмес!
**ВОТ-ВО'Т** *нареч. разг.* **1.** (*вот именно*) ананчы; **2.** (*сейчас, скоро*) азыр, бир пастан кийин, бир аздан кийин, бир-тикеден кийин, бир демден кийин; **вот-во́т упадёт** бир аздан жыгылганы (кулаганы) эле араң турат; **подожди́те, он вот-во́т придёт** токтой тургула, ал бир аздан кийин келет.
**ВОТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* вотум берүү, вотумга салуу (*парламентте, жыйналышта бир нерсе жөнүндө кол көтөрүү, добуш берүү*).
**ВОТКНУ'ТЬ** *сов. что* тыгуу, саюу; **воткну́ть була́вку** төөнөгүчтү саюу.
**ВОТКНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* тыгылуу, сайылуу.
**ВО'ТУМ** *м.* вотум (*буржуазиялык мамлекеттерде — парламентте, жыйналышта добуш берүү аркылуу билдирилген чечим же пикир*); **во́тум недове́рия** ишенбөө вотуму (*өкмөттүн же министрдин ишин парламентте добуш берүү аркылуу «канааттандырарлык эмес» деп эсептөө*).
**ВО'ТЧИНА** *ж. ист.* вотчина (*Байыркы Русгагы ири жер ээсинин тукумдан тукумга мурас болуп келген имениеси*).
**ВО'ТЧИННИК** *м. ист.* вотчинник (*вотчинаны ээлеген ири жер ээси*).
**ВО'ТЧИННЫЙ,** -ая, -ое *ист.* вотчиналык; **во́тчинное землевладе́ние** вотчиналык жер ээлөөчүлүк.
**ВОЦАРИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** *ист.* (*начать царствовать*) тактыга отуруу; **2.** *перен.* өкүм сүрүү; **в за́ле воцари́лась тишина́** залда тынчтык өкүм сүрө баштады.
**вошёл, вошла́** *и т. д. прош. вр. от* **войти́.**
**ВОШЬ** *ж.* бит.
**ВОЩА'НКА** *ж.* мом кагаз (*бумага*); мом кездеме (*ткань*).
**ВОЩАНО'Й,** -а́я, -о́е **воск**-*ко т.*
**ВОЩЁНЫЙ,** -ая, -ое: **вощёный пол** момдолгон пол; **вощёная бума́га** мом кагаз.
**ВОЩИ'НА** *ж.* **1.** (*пустые соты*) вощина (*аарынын куру уясы*); **2.** (*воск*) мом.

www.bizdin.kg

**ВОЩИ'ТЬ** *несов. что* момдоо, мом менен сүрүү.

**вóю, вóешь** *и т. д. наст. вр. от* **выть.**

**воюю, воюешь** *и т. д. наст. вр. от* **воевáть.**

**ВОЮ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **воевáть;** 2. *прил.* согушуп жаткан, урушуп жаткан; **воюющая держáва** согушуп жаткан мамлекет.

**ВОЯ'КА** *м. разг. ирон.* баатыр сөрөй.

**ВПАДА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **впасть;** 2. *(о реке)* куюу; 3. *(принимать оттенок)* түс алуу, өтүү; **впадáть в сúний** цвет көк түскө өтүү.

**ВПАДЕ'НИЕ** *ср.* куюу, куюлуу; **гóрод Гóрький стоúт при впадéнии Окú в Вóлгу** Горький шаары Оканын Волгага куюлган жеринде турат.

**ВПА'ДИНА** *ж.* чуңкур, кабак, ойдуң; **глазнáя впáдина** көздүн чанагы, чанак.

**ВПА'ИВАТЬ** *несов. см.* **впаять.**

**ВПА'ЙКА** *ж.* 1. *(действие)* каңдоо, каңдап жамоо, данакерлөө; 2. *(то, что впаяно)* каңдалып (данакерленип) жамалган жер.

**ВПА'ЛЫЙ,** -ая, -ое түшүңкү, чуңкур, батып кирген, батыңкы, сорулган, ичине кирген; **впáлые глазá** чуңкурайган көз; **впáлые щёки** ичине кирген жаак; **впáлые бокá** *(у лошади)* батыңкы каптал.

**ВПАСТЬ** *сов.* 1. *(стать впалым)* ичине кирүү, сорулуу, чуңкураюу, түшүү; **щёки впáли** жаагы сорулуп калган; 2. *во что, перен. (дойти до какого-л. состояния)* учуроо, жетүү, дуушар болуу; **впасть в отчáяние** аргасы түгөнүүгө дуушар болуу; **впасть в противорéчие** өзүнө өзү каршы болууга жетүү; **впасть в дéтство** *см.* **дéтство.**

**ВПАЯ'ТЬ** *сов. что* каңдоо, каңдап жамоо, данакерлөө.

**ВПЕРВЫ'Е** *нареч.* биринчи жолу, биринчи ирет, биринчи мертебе; **впервы́е в жúзни** өмүрүндө биринчи жолу.

**ВПЕРЕВА'ЛКУ** *нареч. разг.* теңселип, байпаңдап; **идтú вперевáлку** теңселип басуу.

**ВПЕРЕГО'НКИ'** *нареч.* куушуп, жарышып, кубалашып; **бежáть вперегóнки** жарышып чуркоо.

**ВПЕРЁД** *нареч.* 1. алга, алга карай, илгери, илгери карай; **идтú вперёд** илгери жүрүү; **двигать наýку вперёд** илимди алдыга жылдыруу; 2. *разг. (впредь)* келечекте, келирки жылдарда; **вперёд будь осторóжнее** келечекте сагыраак бол; 3. *(авансом)* мурда, оболу, алдын ала; **заплатúть вперёд** оболу төлөп коюу; ◇ **большóй шаг вперёд** чоң жетишкендик; **взад и вперёд** алга жана артка, ары-бери, илгери-кийин; **ни взад ни вперёд** алга да, артка да жылбай; илгери да, кийин да жүрбөй; ордунан жылбай; же ары, же бери болбой.

**ВПЕРЕДИ'** 1. *нареч. (перед кем-чем-л.)* алды жакта, илгери жакта, алдыда, алдында; **идтú впередú** алдыда жүрүү; **впередú показáлся лес** алды жакта токой көрүндү; 2. *нареч. (в будущем)* келечекте, болочокто, алдыда; **у негó ещё вся жизнь впередú** анын көрөр күнү али алдыда; 3. *предлог с род. п.* алдында; **он éхал впередú всех** ал баарынын алдында келе (бара) жатты.

**ВПЕРЕМЕ'ЖКУ** *нареч.* кезектешип, алмашып, кезектештирип.

**ВПЕРЕМЕ'ШКУ** *нареч.* аралашып, аралаштырып, чалды-куйду, баш аламан.

**ВПЕРИ'ТЬ** *сов. что:* **вперúть взор (взгляд)** *в кого-л., во что-л.* *бирөөнү же бир нерсени* тигиле (тике) кароо, *бирөөгө же бир нерсеге* тигилип кароо.

**ВПЕЧАТЛЕ'НИЕ** *ср.* көңүлдө калган из, эстелик, таасир; **произвестú впечатлéние** таасир калтыруу, көңүлдө из калтыруу; **находúться под впечатлéнием** *чего-л.* *бир нерсенин* таасиринин астында болуу.

**ВПЕЧАТЛИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* бат таасирленүүчүлүк, таасирге тез берилүүчүлүк.

**ВПЕЧАТЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бат таасирленүүчү, таасирге тез берилүүчү.

**ВПЕЧАТЛЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* бат таасир калтыргычтык.

**ВПИВА'ТЬ** *несов. что* өзүнө сиңирип, тартып алуу *(суюктукту)*; **впивáть звýки мýзыки** *перен.* музыканын (жагымдуу) үнүн магдырап угуу.

**ВПИВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **впиться.**

**В ПИ'КУ** *см.* **пúка.**

**ВПИ'САННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вписáть;** 2. *прил. мат.* ичтен сызылган; **вписанный квадрáт** ичтен сызылган квадрат.

**ВПИСА'ТЬ** *сов. что* 1. *(внести в текст, список)* жазып коюу, ичине кошуп жазуу; 2. *мат.* жазып коюу, ичтен сызуу; **вписáть треугóльник в окрýжность** тегеректин ичине үч бурчтукту сызуу.

**ВПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **вписáть.**

**ВПИТА'ТЬ** *сов. что* 1. *(влагу)* сиңирип алуу, соруп алуу; 2. *перен.* өздөштүрүү.

**ВПИТА'ТЬСЯ** *сов.* сиңүү; **водá впитáлась в зéмлю** суу жерге сиңип кетти.

**ВПИ'ТЫВАНИЕ** *ср.* сиңирүү, соруу.

**ВПИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **впитáть.**

**ВПИ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **впитáться;** 2. *страд. к* **впúтывать.**

**ВПИ'ТЬСЯ** *сов. в кого, во что* батыруу, батырып жиберүү; **впúться когтя́ми** тырмагын батыруу; **впúться зубáми** тишин батырып жиберүү; ◇ **впúться глазáми** *в кого-что-л.* *бирөөнү же бир нерсени* теше тиктөө, *бирөөнү же бир нерсени* тикирейип кароо.

**ВПИ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **впихнýть.**

**ВПИХНУ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* тыгуу.

**ВПЛАВЬ** *нареч.* сүзүп; **перепрáвиться чéрез рекý вплавь** өзөндөн сүзүп чыгуу; **пустúться вплавь** сүзүп жөнөө.

**ВПЛЕСТИ'** *сов. что* кошо өрүү, кошуп өрүү; **вплестú лéнту в косý** лентаны чачка кошо өрүү.

**ВПЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **вплестú.**

**ВПЛОТНУ'Ю** *нареч.* 1. тыгыздап, шыкап, өтө жанаша; **сидéть вплотнýю** өтө жанаша отуруу; 2. *перен.* абдан ынта коюп, аябай, такай; **прийня́ться** *за что-л.* **вплотнýю** *бир нерсеге* аябай ынта коюп киришүү; **подойтú к вопрóсу вплотнýю** маселеге такай киришүү.

**ВПЛОТЬ** *частица:* **вплоть до …** … чейин; **вплоть до вéчера** кечке чейин.

**ВПОВА'ЛКУ** *нареч. разг.* тизилип, катардашып; **лежáть вповáлку** тизилип жатуу.

**ВПОЛГО'ЛОСА** *нареч.* күбүрөп, акырын үн менен, кыңылдап; **петь вполгóлоса** кыңылдап ырдоо.

**ВПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **вползтú.**

**ВПОЛЗТИ'** *сов.* сойлоп *же* өрмөлөп кирүү *(внутрь)*; сойлоп *же* өрмөлөп өөдө чыгуу *(наверх)*.

**ВПОЛНЕ'** *нареч.* толук, абдан; **я вполнé довóлен** мен толук ыраазымын; **вполнé достáточно** толук жетишээрлик.

**ВПОЛОБОРО'ТА** *нареч.* жарым айланып.

**ВПОЛОВИ'НУ** *нареч.* жарым эсе; **вполовúну бóльше** жарым эсе көп; **убáвить рóвно вполовúну** туура жарым эсе азайтуу.

**ВПОПА'Д** *нареч. разг.* орду менен, так өзүн; **сказáть** *что-л.* **впопáд** *бир нерсени* орду менен айтуу, так өзүн айтуу.

**ВПОПЫХА'Х** *нареч. разг.* 1. *(запыхавшись)* энтигип; **он прибежáл впопыхáх** ал энтигип чуркап келди; 2. *(очень торопясь)* шашылышта, шашып-бушуп жүрүп; **впопыхáх я забы́л кнúгу дóма** мен шашылышта китепти үйдө унутуп калыптырмын.

**ВПО'РУ** *нареч.* чак; **сапогú мне впóру** өтүк мага чак.

**ВПОРХНУ'ТЬ** *сов.* 1. *(влететь)* учуп кирүү, култ этип учуп кирүү; **лáсточка впорхнýла в окнó** чабалекей терезеден култ этип учуп кирди; 2. *перен.* үлп кирип келүү.

**ВПОСЛЕ'ДСТВИИ** *нареч.* акырында, аягында, натыйжасында; **впослéдствии он узнáет об э́том** акырында ал бул тууралу билет.

www.bizdin.kg

**ВПОТЬМА'Х** *нареч.* караңгыда; **сидéть впотьмáх** караңгыда отуруу.

**ВПРА'ВДУ** *нареч. разг.* чын эле, ырас эле, чындыгында; **я и впрáвду э́того не знал** мен муну чын эле билген жок элем.

**ВПРА'ВЕ** *в знач. сказ. с неопр.* акылуу, укуктуу; **он не впрáве так поступáть** ал мындай иштөөгө акысы жок; **он впрáве трéбовать** анын талап кылууга укугу бар.

**ВПРА'ВИТЬ** *сов. что* киргизүү, ордуна киргизүү; **впрáвить вы́вихнутую рýку** чыккан колду киргизүү; ◇ **впрáвить мозги́** *кому-л. прост.* бирөөнү жекирип, тартипке чакыруу.

**ВПРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **впрáвить.**

**ВПРА'ВО** *нареч.* оңго, оң тарапка, оң жакка (*в правую сторону*); оңдо, оң тарапта, оң жакта (*в правой стороне*); **повернýть впрáво** оңго бурулуу.

**В ПРАХ** *см.* **прах.**

**ВПРЕДЬ** *нареч.* мындан ары, эми, мындан кийин; **впредь бýдьте осторóжны** мындан кийин сагыраак болуңуз.

**ВПРИГЛЯ'ДКУ** *нареч. разг. шутл.*: **пить чай вприглядку** кантсыз карандай чай ичүү.

**В ПРИДА'ЧУ** *см.* **придáча.**

**ВПРИКУ'СКУ** *нареч.* кантты кетип; **пить чай вприкýску** кантты кетип чай ичүү.

**ВПРИПРЫ'ЖКУ** *нареч.* секирип; **бежáть вприпры́жку** секирип чуркоо.

**ВПРИСЯ'ДКУ** *нареч.* отура калып, тура калып; **плясáть вприся́дку** отура калып, тура калып бийлөө; **он пусти́лся вприся́дку** ал отура калып, тура калып бийлей баштады.

**ВПРО'ГОЛОДЬ** *нареч. разг.* ачтуу-токтуу, тоёр-тойбос.

**ВПРОК** *нареч.* 1. (*про запас*) камдап, запас кылып; **заготóвить впрок** запас кылып (камдап) коюу; 2. (*на пользу*) марып, пайда көрүп; **э́то не пошлó емý впрок** андан ал марып кеткен жок.

**ВПРОСА'К** *нареч.*: **попáсть(ся) впросáк** *разг.* сызга отуруп калуу (алдануу).

**ВПРОСО'НКАХ** *нареч. разг.* уйкулуу көзү менен, уйку ичинде, уйкусураган боюнча.

**ВПРО'ЧЕМ** *союз и в знач. вводн. сл.* ошондой болсо да, бирок, балким; **вот мой совéт — впрóчем, как хоти́те** менин кеңешим ушул, бирок, өзүңүз билиңиз; **впрóчем, нет, я не пойдý** балким, жок, мен барбаймын.

**ВПРЫ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **впры́гнуть.**

**ВПРЫ'ГНУТЬ** *сов. во что, на что* секирип чыгуу, секирип кирүү.

**ВПРЫ'СКИВАНИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жиберүү; 2. *разг.* (*лекарство*) теринин астына жибериле турган суюк дары.

**ВПРЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **впры́снуть.**

**ВПРЫ'СНУТЬ** *сов. что* жиберүү (*суюк дарыны теринин астына жиберүү*); **впры́снуть больнóму мышья́к** ооруга мышьяк жиберүү.

**ВПРЯГА'ТЬ** *несов. см.* **впрячь.**

**ВПРЯГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **впря́чься;** 2. *страд. к* **впрягáть.**

**ВПРЯМЬ** *вводн. сл. разг.* чын эле, ырас эле, чынында да, чындыгында да; **и впрямь давнó слéдовало за э́то дéло взя́ться** чындыгында да бул ишти эзбак эле колго алуу керек эле.

**ВПРЯЧЬ** *сов. кого* чегүү, кошуу; **впрячь лóшадь в телéгу** атты арабага чегүү.

**ВПРЯ'ЧЬСЯ** *сов.* чегилүү, кошулуу.

**ВПУСК** *м.* киргизүү.

**ВПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **впусти́ть;** **не впускáйте егó сюдá** аны мында киргизбегиле.

**ВПУСКНО'Й,** -áя, -óе киргизүүчү, жиберүүчү, куюучу.

**ВПУСТИ'ТЬ** *сов. кого-что* киргизип жиберүү, киргизүү, кирүүгө уруксат кылуу, куюу.

**ВПУСТУ'Ю** *нареч. разг.* куру бекер, бекерге, курулай, натыйжасыз; **я старáлся впустýю** мен бекерге аракет кылыптырмын.

**ВПУ'ТАТЬ** *сов. кого-что, разг.* чатыштыруу.

**ВПУ'ТАТЬСЯ** *сов. разг.* чатышуу.

**ВПУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **впýтать.**

**ВПУ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **впýтаться;** 2. *страд. к* **впýтывать.**

**В ПУХ** *см.* **пух.**

**ВПЯ'ТЕРО** *нареч.* беш эсе, беш жолу, беш мертебе, беш кабат; **впя́теро бóльше** беш эсе көп.

**ВПЯТЕРО'М** *нареч.* бешөөлөп, бешөө болуп, беш киши болуп; **игрáть впятерóм** бешөө болуп ойноо.

**ВРАГ** *м.* 1. кас, душман, жоо; 2. (*противник чего-л.*) душман, каршы; **враг курéния** тамеки тартуунун каршысы.

**ВРАЖДА'** *ж.* кастык, душмандык, жоолук.

**ВРАЖДЕ'БНО** *нареч.* кастык менен, душмандык менен.

**ВРАЖДЕ'БНОСТЬ** *ж.* кастык, душмандык, душманчылык, жоолук.

**ВРАЖДЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое кастык, душмандык; **враждéбные дéйствия** кастык аракеттер; **враждéбные отношéния** кастык мамиле.

**ВРАЖДОВА'ТЬ** *несов. с кем-чем* жоолашуу, жоо болуу, касташуу, кас болуу, душман болуу.

**ВРА'ЖЕСКИЙ,** -ая, -ое **враг** *1-ге т.*; **врáжеская áрмия** душмандын армиясы.

**ВРА'ЖИЙ,** -ья, -ье *уст. см.* **врáжеский;** **врáжья си́ла** душмандын күчү.

**ВРАЗ** *нареч. разг.* бир мезгилде, бир жолу, бирге.

**ВРАЗБИ'ВКУ** *нареч.* ар кайсы жеринен, баш-аягынан, аралаштырып; **спрáшивать вразби́вку таблицу умножéния** көбөйтүү таблицасынын ар кайсы жеринен суроо.

**ВРАЗБРО'Д** *нареч.* 1. (*врассыпную, разбредясь*) тартипсиз, ырксыз, баш аламан; **идти́ вразбрóд** баш аламан жүрүү; 2. (*недружно, врозь*) ырксыз; **дéйствовать вразбрóд** ырксыз аракеттенүү.

**ВРАЗБРО'С** *нареч. разг.* чачынды, чачыранды.

**ВРАЗВА'ЛКУ** *нареч.* теңселип, чайкалып; **идти́ вразвáлку** теңселип басуу.

**ВРАЗНОБО'Й** *нареч. разг.* ынтымаксыз, бирдиктүү эмес, ар кимиси өз алдынча.

**ВРАЗРЕ'З** *нареч.*: **идти́ вразрéз** *с чем-л.* *бир нерсеге* карама-каршы болуу, кайчы келүү.

**ВРАЗРЯ'ДКУ** *нареч. полигр.* сейрек кылып, ариптердин арасын ачык кылып; **набрáть слóво вразря́дку** сөздү сейрек кылып терүү.

**ВРАЗУМИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* маанилүү, ачык-айкын, так.

**ВРАЗУМИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое маанилүү, ачык-айкын, так; **вразуми́тельная речь** ачык-айкын сөз.

**ВРАЗУМИ'ТЬ** *сов. кого* эсине келтирүү, акыл айтуу; **нам нáдо егó вразуми́ть** биз аны эсине келтирүүбүз керек.

**ВРАЗУМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вразуми́ть.**

**ВРА'КИ** *только мн., разг.* калп, жалган.

**ВРАЛЬ** *м. разг.* калпычы, жалганчы.

**ВРАНЬЁ** *ср. разг.* 1. (*действие*) калп айтуу, жалган айтуу, калп сүйлөө, жалган сүйлөө; 2. калп, жалган.

**ВРАСПЛО'Х** *нареч.* капыстан, шаштырып, камынтпай; **застáть врасплóх** капыстан үстүнөн чыгып калуу; **напáсть врасплóх** камынтпай басып калуу (кол салуу).

**ВРАССЫПНУ'Ю** *нареч.* таралып, алды-алдына, бет-бетине, тым-тыракай; **брóситься врассыпнýю** бет-бетинен кетип жөнөө.

**ВРАСТА'НИЕ** *ср.* 1. тамыр жаюу; 2. *перен.* өсүп өтүү.

**ВРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **врасти́.**

**ВРАСТИ'** *сов.* 1. тамыр жаюу; **кóрень врос в зéмлю** тамыр жерге жайылды (орноду); 2. *перен.* өсүп өтүү.

**ВРАСТЯ'ЖКУ** *нареч. разг.* созулуп, созула, сулап, керилип-чоюлуп; **упáсть врастя́жку** созулуп жыгылуу.

www.bizdin.kg

**ВРАТА'** *только мн., уст.* капка, дарбаза.

**ВРАТА'РЬ** *м.* вратарь (*футбол, хоккей оюндарында дарбазаны коргоочу футбол командасынын, хоккей командасынын мүчөсү*).

**ВРАТЬ** *несов. разг.* калп айтуу, жалган айтуу, калп сүйлөө, жалган сүйлөө.

**ВРАЧ** *м.* врач; **главный врач** башкы врач; **женщина-врач** аял врач; **зубной врач** тиш врачы; **районный врач** райондук врач; **позвать врача** врачты чакыруу.

**ВРАЧЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое **врач**-*ка п.*; врачтык; **врачебная помощь** врачтын жардамы; **врачебный осмотр** врачтын кароосу; **врачебная практика** врачтык практика.

**ВРАЩА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое айландыруучу, тегеретүүчү; **вращательные движения** айландыруучу кыймылдар, тегеретүүчү кыймылдар.

**ВРАЩА'ТЬ** *несов. что* айландыруу, тегеретүү; **вращать колесо** дөңгөлөктү тегеретүү.

**ВРАЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. айлануу, тегеренүү; **земля вращается вокруг солнца** жер күндүн тегерегинде айланат; 2. *перен.* дайыма болуу, көп болуу; **вращаться среди молодёжи** жаштардын арасында дайыма болуу.

**ВРАЩЕ'НИЕ** *ср.* айлануу, айландыруу, тегеренүү, тегеретүү; **вращение колеса** дөңгөлөктүн айланышы; **вращение планет вокруг солнца** планеталардын күндүн тегерегинде айланышы.

**ВРЕД** *м.* зыян, залал; **причинить вред** зыян келтирүү; **во вред** *кому-чему-л. бирөөгө же бир нерсеге* зыян келтирүү.

**ВРЕДИ'ТЕЛЬ** *м.* зыянкеч.

**ВРЕДИ'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **вредитель**-*ге п.*; зыянкечтик.

**ВРЕДИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* зыянкечтик, кыянатчылык.

**ВРЕДИ'ТЬ** *несов. кому-чему* зыян кылуу, зыян келтирүү.

**ВРЕ'ДНО** 1. *нареч.* зыяндуу, зыян; **курение вредно действует на организм** тамеки тартуу организмге зыян келтирет; 2. *безл. в знач. сказ.* зыян; **это вредно для здоровья** бул ден соолукка зыян.

**ВРЕ'ДНОСТЬ** *ж.* зыяндуулук; **вредность курения** тамеки тартуунун зыяндуулугу.

**ВРЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое зыяндуу, зыян келтирүүчү; **вредная привычка** зыяндуу адат.

**ВРЕДОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое зыян келтирүүчү, зыянга учуратуучу.

**ВРЕ'ЗАТЬ** *сов. что* оюп коюу, оюп орнотуу; **врезать замок в дверь** эшикти оюп кулпу орнотуу.

**ВРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **врезать.**

**ВРЕ'ЗАТЬСЯ** *сов.* 1. жиреп кирүү; **лодка врезалась в берег** кайык жээкке жиреп кирип барды; 2. *перен.* (*ворваться*) жарып кирүү; **конница врезалась в неприятельские ряды** атчандар душмандардын арасына жарып кирип барды; 3. *перен.* (*запечатлеться*) ойдо калуу, ойдо бекем орноп калуу; **врезаться в память** көңүлдө орноп калуу.

**ВРЕЗА'ТЬСЯ** *несов. см.* **врезаться.**

**ВРЕМЕНА'** *мн.* убакыттар, заман.

**ВРЕМЕНА'МИ** *нареч.* кез-кезде, кайсы бир убакта; **временами у меня ноет старая рана** менин эски жаракатым кез-кезде сыздайт.

**ВРЕ'МЕННО** *нареч.* убактылуу, убактысынча; **временно исполняющий обязанности директора** директордун милдетин убактылуу аткаруучу.

**ВРЕМЕННО'Й,** -ая, -ое **время**-*га п.*; **временная связь между двумя событиями** эки окуянын арасындагы убакыт менен белгилей турган байланыш.

**ВРЕ'МЕННЫЙ,** -ая, -ое убактылуу; **временная работа** убактылуу иш; ◇ **временное правительство** *ист.* убактылуу өкмөт.

**ВРЕМЕНЩИ'К** *м. ист.* временщик (*үстөмдүк кылуучу адамдын колдоосунун натыйжасында кокустан бийликке жеткен киши*).

**ВРЕ'МЯ** *ср.* 1. убакыт, убак; **в указанное время** көрсөтүлгөн убакытта; **уехать на время** убактылуу кетүү, убактысынча кетүү; **время истекло** убакыт бүттү; **у меня нет времени зайти к вам** силердикине кирүүгө менин убактым жок; 2. (*эпоха*) доор, заман; **во времена Петра I** Пётр I-нин заманында; 3. (*определённая пора*) маал, мезгил, убакыт; **времена года** жыл мезгилдери; **время покоса** орок маалы; **рабочее время** жумуш маалы, жумуш убактысы; **свободное время** бош убакыт; 4. *грам.* чак; **настоящее время** учур чак; **будущее время** келер чак; **прошедшее время** өткөн чак; ◇ **сколько времени?** саат канча?; **с течением времени** бир канча убактан кийин; **по временам** *или* **временами** кез-кезде, анда-санда; **время от времени** анда-санда; **время ждёт** *или* **время терпит** далай убакыт бар; **время не ждёт** убакыт күтүп турбайт, убакыт шашылыш, убакыт тар; **время покажет** убагында көрөрбүз; **в своё время** 1) (*о прошлом*) баягыда; 2) (*о будущем*) келечекте, өз убагында; **со временем** бара-бара, маалы келгенде; **до сего времени** ушул убакка чейин; **всё время** ар дайым, ар качан, ар убак, дайыма; **тем временем** ацгыча; **до поры до времени** убактысы келгенче, убактынча; **в одно прекрасное время** бир убакытта, бир кезде; **в то время как** -ганда, -ган кезде; **в то же время** ошол эле убакытта; ошону менен катар; **на время** убактынча; **не отставать от времени** турмуштан артта калбоо; **располагать временем** убактысы, чолоосу болуу; **убивать время** убакыт өткөрүү, узун жолду кыскартуу; **тратить напрасно время** убакытты бекерге өткөрүү.

**ВРЕМЯИСЧИСЛЕ'НИЕ** *ср.* убакытты эсептөө (*календарь убактысын эсептөө жолу*).

**ВРЕМЯ'НКА** *ж. разг.* (*печка*) убактылуу коюлган темир меш.

**ВРЕМЯПРЕПРОВОЖДЕ'НИЕ** *ср.* күн өткөрүү, убакыт өткөрүү.

**ВРО'ВЕНЬ** *нареч. с чем* тепетең, бирдей; **вровень с краями** четтери менен тепетең.

**ВРО'ДЕ** 1. *предлог с род. п.* сыяктуу, окшош, окшоп; **он вроде тебя увлекается футболом** ал сага окшоп, футболго кызыгып жүрөт; 2. *частица разг.* -гандай болуу; **я его, вроде, видел** мен аны көргөндөй болдум.

**ВРОЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое тубаса; **врождённый талант** тубаса талант.

**В РО'ЗНИЦУ** *см.* **розница.**

**ВРОЗЬ** *нареч.* айрым, айрым-айрым; **жить врозь** айрым туруу.

**вру, врёшь** *и т. д. наст. вр. от* **врать.**

**ВРУБ** *м. горн.* вруб (*кенди казып уратууу оңой болсун үчүн, аны узун үңкүр кылып казган жарака*).

**ВРУБА'ТЬ** *несов. см.* **врубить.**

**ВРУБА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **врубиться;** 2. *страд. к* **врубать.**

**ВРУБИ'ТЬ** *сов. что* кертилген, оюлган жерге экинчи нерсени орнотуу.

**ВРУБИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*проникнуть рубя*) оюп жетүү; **врубиться в каменную породу** таш тектерине оюп жетүү; 2. *перен.* жарып кирүү; **конница врубилась в ряды неприятеля** аттуу аскерлер душмандын катарын жарып кирди.

**ВРУ'БОВЫЙ,** -ая, -ое: **врубовая машина** врубовая машина (*кен каза турган машина*).

**ВРУКОПА'ШНУЮ** *нареч.* койгулашып, салгылашып, чабышып; **драться врукопашную** салгылашып урушуу.

**ВРУН** *м. разг.* калпычы, жалганчы.

**ВРУ'НЬЯ** *женск. р.: к* **врун.**

**ВРУЧА'ТЬ** *несов. см.* **вручить.**

**ВРУЧЕ'НИЕ** *ср.* тапшыруу, берүү, тапшырылуу, берилүү; **вручение награды** сыйлык берүү.

**ВРУЧИ'ТЬ** *сов. что кому* тапшыруу, берүү; **вручить повестку** повестка тапшыруу; **вручить свою судьбу** *кому-л. перен.* өз тагдырын ишенип *бирөөгө* тапшыруу.

www.bizdin.kg

**ВРУЧНУ'Ю** *нареч.* кол менен.
**ВРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **врыть.**
**ВРЫВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **ворва́ться.**
**ВРЫТЬ** *сов. что* казып киргизүү, казып орнотуу; **врыть столб в зёмлю** жерди казып мамы орнотуу.
**ВРЫ'ТЬСЯ** *сов.* казып кирүү, казып орношуу.
**ВРЯ'Д ЛИ** *частица* ай-ай, болор бекен, кайдан эле; **вря́д ли он придёт** ал келер бекен, ай-ай келер бекен.
**ВС-** *приставка. бул каткалаң үнсүздөрдүн алдында «вз-»дын ордуна жазылат; мис.* **вспры́гнуть** ыргып минүү, секирип чыгуу, ыргып чыгуу, секирип минүү.
**ВСАДИ'ТЬ** *сов. что, прост.* саюу, чанчуу, малып алуу, атып киргизүү, бир чаап орнотуу; **всади́ть топо́р в бревно́** балтаны устунга бир чаап орнотуу; **всади́ть пу́лю в стёну** окту дубалга атып киргизүү.
**ВСА'ДНИК** *м.* атчан, атчан киши.
**ВСА'ДНИЦА** *женск. р. к* **вса́дник.**
**ВСА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **всади́ть.**
**ВСА'СЫВАНИЕ** *ср.* соруу, сиңдирүү, сиңирүү.
**ВСА'СЫВАТЬ** *несов. см.* **всоса́ть.**
**ВСА'СЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **всоса́ться; 2.** *страд. к* **вса́сывать.**
**ВСЕ** *мест. опред.* **1.** бардык, баары, баарысы; **2.** *в знач. сущ.* баары, баарысы; **все пришли́** баары келишти.
**ВСЁ I 1.** *мест. ср. от* **весь; 2.** *в знач. сущ. ср.* баары, баарысы, бардык нерсе; **всё его́ ра́довало** аны бардык нерсе кубандырды; **всего́ понемно́гу** баарынан аз-аздан.
**ВСЁ II 1.** *нареч.* (*всегда, постоянно*) ар дайым, дайыма эле; **он всё бо́лен** ал ар дайым эле оору; **2.** *нареч.* (*до сих пор*) алигиче, эмгиче эле, эмдигиче эле; **дождь всё ещё идёт** жамгыр эмгиче эле жаап жатат; **3.** *нареч. при сравн. ст.* уламдан-улам; **всё бо́лее и бо́лее** уламдан-улам; **пого́да всё лу́чше и лу́чше** аба ырайы уламдан-улам жакшы; **4.** *нареч.* (*только, лишь*) ушунун бардыгы (баарына); **а всё из-за тебя́** ушунун бардыгы сенден; **э́то всё вы винова́ты** ушунун баарына сиз күнөөлүүсүз; **5.** *в знач. противит. союза* (*однако, тем не менее*) ошого карабай, баары бир, ошондой болсо да; **как ни стара́ется, всё не выхо́дит** кандай аракет кылса да, баары бир, эч нерсе чыкпай жатат; ◇ **всё же, всё ж** ошондой болсо да; бирок да.
**ВСЕ-** *татаал сөздөрдүн «бардыгын кучагына алуучу, барыга таралуучу, жайылтылуучу» деген маанини берүүчү биринчи бөлүгү; мис.*: **всесою́зный** бүткүл союздук; **всео́бщий** жалпы, текши.
**ВСЕВЕ'ДУЩИЙ,** -ая, -ее *разг.* капкайдагыны билген, билбегени жок.
**ВСЕВЛА'СТИЕ** *ср.* бардык жерге таралган бийлик.
**ВСЕВОЗМО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое түрдүү, ар түрдүү, түрдүү-түрдүү.
**ВСЕГДА'** *нареч.* дайыма, ар качан, ар убакытта; **он всегда́ вы́держан и споко́ен** ал ар убакытта токтоо жана сабырдуу; ◇ **всегда́ гото́в!** дайыма даяр!
**ВСЕГДА'ШНИЙ,** -яя, -ее *разг.* ар убакытта боло турган, кадимки; **всегда́шний гость** ар убакытта боло турган конок.
**ВСЕГО'** *нареч.* **1.** (*итого*) бардыгы, жамысы, кошкондо; **всего́ израсхо́довано сто рубле́й** бардыгы жүз сом каражатталды; **2.** (*только, лишь*) бар болгону, араң эле; **рабо́та начала́сь всего́ два ме́сяца наза́д** иш бар болгону мындан эки ай мурун башталды; ◇ **всего́-на́всего** *разг.* бар болгону; **всего́-то** ушул эле; **то́лько и всего́** ушул эле, ушул гана.
**всего́** *мест. род. и вин. п. от* **весь, всё I.**
**ВСЕЗНА'ЙКА** *м. и ж. разг. ирон.* билгичсинген адам (*өзү билбесе да, «баарын билемин» деп ойлоочу адам*).
**всей** *мест. род., твор. и предл. п. от* **вся.**
**ВСЕЛЕ'НИЕ** *ср.* көчүрүп киргизүү, киргизүү (*мис. үйгө*).
**ВСЕЛЕ'ННАЯ** *ж.* **1.** (*мироздание*) аалам; **2.** (*вся земля*) жер жүзү, дүйнө.
**ВСЕЛИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* көчүрүп киргизүү, киргизүү; **в кварти́ру всели́ли но́вого жильца́** квартирага жаңы адамды киргизишти; **2.** *что, перен.* (*внушить*) туудуруу; **его́ слова́ всели́ли в нас уве́ренность** анын сөзү бизде ишенимдүүлүк туудурду.
**ВСЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** кирүү, көчүп кирүү; **2.** *перен.* туулуу; **наде́жда всели́лась в его́ се́рдце** анын жүрөгүндө үмүт туулду (*пайда болду*).
**ВСЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **всели́ть.**
**ВСЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **всели́ться; 2.** *страд. к* **вселя́ть.**
**всем** *мест.* 1) *твор. п. от* **весь, всё I;** 2) *дат. п. от* **все.**
**всём (обо всём)** *мест. предл. п от* **весь, всё I.**
**ВСЕМЕ'РНО** *нареч.* бардык чаралар менен, бардык мүмкүнчүлүктөр менен, бардык күч менен; **всеме́рно помога́ть** *кому-л.* *бирөөгө* бардык күчү менен жардам берүү.
**ВСЕМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое бардык чаралар менен, бардык күч менен, бардык мүмкүнчүлүктөр менен; **всеме́рное соде́йствие** бардык күч менен кол кабыш кылуу.
**ВСЕ'МЕРО** *нареч.* жети эсе, жети жолу, жети мертебе, жети кабат; **все́меро бо́льше предполага́емого** болжолдогондон жети эсе көп.
**ВСЕМЕРО'М** *нареч.* жетөөлөшүп, жетөөлөп, жетөө болуп, жети киши болуп; **мы рабо́тали всемеро́м** биз жетөөлөшүп иштедик.
**все́ми** *мест. твор. п. от* **все.**
**ВСЕМИ'РНО-ИСТОРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое бүтүн дүйнөлүк-тарыхый; **всеми́рно-истори́ческое значе́ние Вели́кой Октя́брьской социалисти́ческой револю́ции** Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын бүтүн дүйнөлүк-тарыхый мааниси.
**ВСЕМИ'РНЫЙ,** -ая, -ое жалпы дүйнөлүк, бүтүн (бүткүл) дүйнөлүк; **всеми́рная исто́рия** бүтүн дүйнөлүк тарых; **Всеми́рный конгре́сс сторо́нников ми́ра** Тынчтыкты жактоочулардын Бүткүл дүйнөлүк Конгресси.
**ВСЕМОГУ'ЩЕСТВО** *ср.* кудурет, бардыгы колдон келүүчүлүк, бардыгын бийлөөчүлүк.
**ВСЕМОГУ'ЩИЙ,** -ая, -ее кудуреттүү, бардыгы колдон келген, бардыгын бийлеген.
**всему́** *мест. дат. п. от* **весь, всё I.**
**ВСЕНАРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое жалпы элдик, бүтүн элге тиешелүү; **всенаро́дное достоя́ние** жалпы элдик энчи.
**ВСЕО'БЩИЙ,** -ая, -ее жалпы, текши; **всео́бщее избира́тельное пра́во** жалпы шайлоо укугу; **всео́бщая во́инская обя́занность** жалпы аскердик милдет.
**ВСЕО'БЩНОСТЬ** *ж.* жалпылык, текшилик.
**ВСЕОБЪЕ'МЛЮЩИЙ,** -ая, -ее бардыгын ичине алуучу, бардыгын кучагына алуучу.
**ВСЕОРУ'ЖИЕ** *ср.*: **во всеору́жии** даяр болуп, толук ээ болуп; **во всеору́жии зна́ний** билимдерге толук ээ болуп.
**ВСЕПОБЕЖДА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее бардыгын жеңүүчү.
**В СЕРДЦА'Х** *см.* **се́рдце.**
**ВСЕРОССИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое бүткүл россиялык; **всеросси́йская учи́тельская конфере́нция** бүткүл россиялык мугалимдер конференциясы.
**ВСЕРЬЁЗ** *нареч. разг.* оюну жок, чын эле, оюн эмес; **приня́ть** *что-л.* **всерьёз** *бир нерсени* чын көрүү.
**ВСЕСИ'ЛИЕ** *ср.* чектелбеген бийлик, аябаган күчтүүлүк.
**ВСЕСИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое чектелбеген бийликтүү, абдан күчтүү.
**ВСЕСОЮ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое бүткүл союздук; **Всесою́зный Ле́нинский Коммунисти́ческий Сою́з Молодёжи** Бүткүл Союздук Ленинчил Коммунисттик Жаштар Союзу; **Всесою́зный съезд Сове́тов** *ист.* Советтердин Бүткүл Союздук Съезди.

www.bizdin.kg

**ВСЕСТОРО'ННЕ** *нареч.* бардык жагынан; **всесторóнне обсудúть вопрóс** маселени бардык жагынан талкуулоо.
**ВСЕСТОРО'ННИЙ,** -яя, -ее бардык жагынан; **всесторóннее развúтие** бардык жагынан өстүрүү (өсүү).
**ВСЁ-ТАКИ** *частица и союз* ошондой болсо да, кандай кылганда да, кандай кылган менен, ага карабастан; **а всё-таки я прав** ошондой болсо да, меники чын.
**ВСЕУСЛЫ'ШАНИЕ** *ср.*: **во всеуслы́шание** жалпыга угуза; **сказáть во всеуслы́шание** жалпыга кабарландыра айтуу, баарыга угузуп жарыялоо, элдин алдында айтуу.
**всех** *мест. род., вин. и предл. п. от* **все.**
**ВСЕЦЕ'ЛО** *нареч.* бүтүндөй, бүт бойдон; **он всецéло прéдан дéлу** ал ишке бүтүндөй берилген.
**ВСЕЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое бардык эле нерсени жей турган; **всеядное живóтное** бардык эле нерсени жей турган айбан.
**В СИ'ЛУ** *см.* **сила.**
**ВСКА'КИВАТЬ** *несов. см.* **вскочúть.**
**ВСКА'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **вскопáть.**
**ВСКАРА'БКАТЬСЯ** *сов. разг.* өрмөлөп чыгуу, тырмышып чыгуу; **вскарáбкаться на скалý** аскага тырмышып чыгуу.
**ВСКАРА'БКИВАТЬСЯ** *несов. см.* **вскарáбкаться.**
**ВСКА'РМЛИВАНИЕ** *ср.* багып өстүрүү, багуу, тарбиялоо.
**ВСКА'РМЛИВАТЬ** *несов. см.* **вскормúть.**
**ВСКАЧЬ** *нареч.* чаап, чугоюп; **нестúсь вскачь** чаап жөнөө.
**ВСКИ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **вскúнуть.**
**ВСКИ'НУТЬ** *сов. что* 1. шап эттирип, көтөрүп салуу, көтөрүп коюу; **вскúнуть мешóк на плечó** капты желкесине көтөрүп салуу; 2. *перен.* тез көтөрүү, силкип көтөрүү; **вскúнуть гóлову** башты силкип көтөрүү.
**ВСКИПА'ТЬ** *несов. см.* **вскипéть.**
**ВСКИПЕ'ТЬ** *сов.* 1. кайноо; **водá вскипéла** суу кайнады; 2. *перен. разг.* ачуулануу, жаалы чыгуу, кыжыры кайноо; **вскипéть негодовáнием** кыжыры кайнап ачуулануу.
**ВСКИПЯТИ'ТЬ** *сов. что* кайнатуу; **вскипятúть вóду** сууну кайнатуу.
**В СКЛА'ДЧИНУ** *см.* **склáдчина.**
**ВСКЛОКО'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое саксайган, апсайган, бапсайган; **всклокóченные вóлосы** саксайган чач.
**ВСКЛОКО'ЧИТЬ** *сов. что, разг.* саксайтуу, апсайтуу, бапсайтуу.
**ВСКОЛЫХНУ'ТЬ** *сов.* 1. *что* чайпалтуу, ыргалтуу, жайкалтуу, ыргоо; **вéтер всколыхнýл пшенúцу** шамал буудайды ыргалтты; 2. *кого-что, перен.* сезимин козгоо; умтулушун көбөйтүү, кыймылга келтирүү; дүрбөлөң түшүрүү, дүрбөлөңдөтүү.
**ВСКОЛЫХНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. термелүү, чайпалуу; 2. *перен.* калкылдоо, кыймылга келүү; **нарóдные мáссы всколыхнýлись** эл массалары кыймылга келишти.
**ВСКОЛЬЗЬ** *нареч.* үстүртөдөн, тие (*кетүү, өтүү*); **вскользь упомянýть** *о чём-л. бир нерсе жөнүндө* эске сала өтүү.
**ВСКОПА'ТЬ** *сов. что* казуу; **вскопáть огорóд** огородду казуу.
**ВСКО'РЕ** *нареч.* бат эле, тез эле; **он вскóре вернýлся домóй** ал бат эле үйгө кайтты.
**ВСКОРМИ'ТЬ** *сов. кого* 1. багып өстүрүү, багуу; **вскормúть ребёнка грýдью** баланы эмчек эмизип багуу; 2. *перен.* (*воспитать*) багып тарбиялоо, тарбиялоо.
**ВСКО'РОСТИ** *нареч. разг.* бир аздан кийин.
**ВСКОЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *на кого-что, во что* секирип чыгуу, каргып чыгуу, ыргып чыгуу; **вскочúть на лóшадь** атка секирип минүү; **вскочúть в вагóн** вагонго секирип чыгуу; 2. (*быстро подняться*) ыргып туруу; **вскочúть с мéста** ордунан ыргып туруу; ◇ **у негó на лбу вскочúла шúшка** маңдайы томуя түштү (*бат эле шишип түштү*).
**ВСКРИ'КИВАТЬ** *несов. см.* **вскрúкнуть.**
**ВСКРИ'КНУТЬ** *однокр.* кыйкырып жиберүү.
**ВСКРИЧА'ТЬ** *сов.* кыйкырып айтып берүү.
**ВСКРУЖИ'ТЬ** *сов.*: **вскружúть гóлову** башын айландыруу; **успéх вскружúл емý гóлову** жетишкендик (ийгилик) анын башын айландырды.
**ВСКРУЖИ'ТЬСЯ** *сов.*: **головá вскружúлась** баш айланды.
**ВСКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **вскрыть.**
**ВСКРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вскры́ться;** 2. *страд. к* **вскрывáть.**
**ВСКРЫ'ТИЕ** *ср.* 1. (*напр. пакета, посылки*) ачуу, ачып көрүү (*мис. посылканы*); 2. *мед.* союу, жаруу, союп көрүү; **вскры́тие трýпа** өлүктү союу; **вскры́тие нары́ва** жараны жаруу; 3. *перен.* табуу, ачуу, билүү (*мис. кемчиликти*).
**ВСКРЫТЬ** *сов. что* 1. (*распечатать, открыть*) ачуу, ачып көрүү; 2. *мед.* союу, жаруу, союп көрүү; 3. *перен.* табуу, ачуу, билүү; **вскрыть недостáтки** кемчиликтерди табуу.
**ВСКРЫ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о нарыве*) жарылуу; 2. (*о реке — от льда*) арылуу, тазалануу; **рекá вскры́лась** дарыя муздан тазаланды (арылды); 3. *перен.* (*обнаружиться*) табылуу, ачылуу, билинүү (*мис. кемчилик*).
**ВСЛАСТЬ** *нареч. разг.* жыргагыча, кангыча (*толук канааттангангa чейин*).
**ВСЛЕД** 1. *нареч.* (*следом*) удаа эле, кийин, изи менен; **вслед за пéрвой колóнной вы́ступила вторáя** биринчи колоннадан кийин экинчиси удаа эле жолго чыкты; 2. *предлог с дат. п.* артынан; **он смотрéл вслед пóезду** ал поезддин артынан карады.
**ВСЛЕ'ДСТВИЕ** *предлог с род. п.* натыйжасында, себептүү, себеп болуп; **вслéдствие болéзни** оорунун натыйжасында.
**ВСЛЕПУ'Ю** *нареч.* көрбөстөн, акылга салбастан, анык билбестен; **дéйствовать вслепýю** анык билбестен аракет кылуу.
**ВСЛУХ** *нареч.* угуза, үн чыгарып; **читáть вслух** угуза окуу, үн чыгарып окуу.
**ВСЛУ'ШАТЬСЯ** *сов. во что* көңүл коюп угуу, көңүл коюп тыңшоо, ыкылас менен кулак салуу, ыкылас менен угуу.
**ВСЛУ'ШИВАТЬСЯ** *несов. см.* **вслýшаться.**
**ВСМА'ТРИВАТЬСЯ** *несов. см.* **всмотрéться.**
**ВСМОТРЕ'ТЬСЯ** *сов. в кого, во что* тиктөө, көзүн айырбай кароо.
**ВСМЯ'ТКУ** *нареч.*: **яйцó всмя́тку** чала бышкан жумуртка.
**ВСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **всýнуть.**
**ВСОСА'ТЬ** *сов. что* соруу, сиңдирүү, синирүү; ◇ **всосáть** *что-л.* **с молокóм мáтери** *бир нерсени* эне сүтү менен сөөгүнө сиңдирүү.
**ВСОСА'ТЬСЯ** *сов.* сорулуу, сиңдирилүү; **водá всосáлась в зéмлю** суу жерге сиңди.
**ВСПА'ИВАТЬ** *несов. см.* **вспоúть.**
**ВСПА'РЫВАТЬ** *несов. см.* **вспорóть.**
**ВСПА'ХАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вспахáть;** 2. *прил.* айдалган, соколонгон.
**ВСПАХА'ТЬ** *сов. что* айдоо, соколоо; **вспахáть пóле трáктором** талааны трактор менен айдоо.
**ВСПА'ХИВАТЬ** *несов. см.* **вспахáть.**
**ВСПА'ШКА** *ж.* айдоо; **зя́блевая вспáшка** тоңдурма айдоо; **глубóкая вспáшка** терең айдоо.
**ВСПЕ'НИТЬ** *сов. что* көбүктөнтүү, көбүртүү; **вспéнить мы́льную вóду** самындуу сууну көбүртүү; ◇ **вспéнить конá** атты кара терге түшүрүү, аттан көк буу чыгаруу.
**ВСПЕ'НИТЬСЯ** *сов.* көбүктөнүү.
**ВСПЛАКНУ'ТЬ** *сов. разг.* кичине ыйлоо, көз жашы кылуу.

www.bizdin.kg

**ВСПЛЕСК** *м.* чулп эткен дабыш, чалп эткен дабыш.

**ВСПЛЁСКИВАТЬ** *несов. см.* **всплесну́ть.**

**ВСПЛЕСНУ'ТЬ** *сов.*: **всплесну́ть рука́ми** колун серпип жиберүү (*өкүнгөндө, таң калганда*).

**ВСПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **всплыть.**

**ВСПЛЫТЬ** *сов.* 1. (*на поверхность*) калкып чыгуу, калкуу; 2. *перен.* (*обнаружиться*) билинүү, ачылуу; **недочёты всплы́ли нару́жу** жетишпегендиктер билинди (белгилүү болду).

**ВСПОИ'ТЬ** *сов. кого* 1. сүт ичирүү, сүт берип багуу; **вспои́ть телёнка** музоого сүт ичирүү; 2. *перен.* (*вырастить*) тарбиялап өстүрүү, ичирип-жедирип өстүрүү.

**ВСПОЛОШИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* тополоңдогуу, чак-челекей түшүрүү.

**ВСПОЛОШИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* тополоңдоо, чак-челекей түшүү.

**ВСПОМИНА'ТЬ** *несов. см.* **вспо́мнить.**

**ВСПОМИНА'ТЬСЯ** *несов. см.* **вспо́мниться.**

**ВСПО'МНИТЬ** *сов. кого-что, о ком-чём* эстөө, эске түшүрүү; **вспо́мнить про́шлое** өткөн-кеткенди эске түшүрүү; **вспо́мнить о ва́жном де́ле** орчундуу ишти эстөө.

**ВСПО'МНИТЬСЯ** *сов.* эске түшүү; **мне вспо́мнилась одна́ пе́сня** менин эсиме бир ыр түштү.

**ВСПОМОГА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жардамчы, көмөкчү; **вспомога́тельный глаго́л** *грам.* жардамчы этиш.

**ВСПОМЯНУ'ТЬ** *сов. разг. см.* **вспо́мнить.**

**ВСПОРО'ТЬ** *сов. что, разг.* сөгүү, жаруу; **вспоро́ть мешо́к** мешокту сөгүү.

**ВСПОРХНУ'ТЬ** *сов.* бырп этип учуу; **пти́чка вспорхну́ла и улете́ла** чымчык бырп этип учуп кетти.

**ВСПОТЕ'ТЬ** *сов.* тердөө, тердеп кетүү.

**ВСПРЫ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **вспры́гнуть.**

**ВСПРЫ'ГНУТЬ** *сов. на кого-что* ыргып минүү, ыргып чыгуу, секирип чыгуу, секирип минүү.

**ВСПРЫ'СКИВАНИЕ** *ср.* суу бүркүп нымдоо, суу сээп нымдоо.

**ВСПРЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **вспры́снуть.**

**ВСПРЫ'СНУТЬ** *сов. что* 1. (*смочить*) суу бүркүп нымдоо, суу сээп нымдоо, суу бүркүү; **вспры́снуть цветы́ водо́й** гүлдөргө суу бүркүү; 2. *перен. разг.* (*отметить пирушкой*) куттуктап жууш (*мис. жаңы кийимди*).

**ВСПУ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **вспугну́ть.**

**ВСПУГНУ'ТЬ** *сов. кого-что* чочутуу, чочутуп жиберүү, чочутуп учуруу, чочутуп качыруу.

**ВСПУХА'ТЬ** *несов. см.* **вспу́хнуть.**

**ВСПУ'ХНУТЬ** *сов.* көбүү, көөп чыгуу, шишүү, шишип чыгуу.

**ВСПУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вспу́чить.**

**ВСПУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов. см.* **вспу́читься.**

**ВСПУ'ЧИТЬ** *сов. безл.* көбүү, көөп чыгуу, чандыйып көбүү; **у больно́го вспу́чило живо́т** оорулуун ичи көөп чыкты.

**ВСПУ'ЧИТЬСЯ** *сов. разг.* көөп чыгуу, чандыйып көбүү.

**ВСПЫЛИ'ТЬ** *сов.* кызаңдап кетүү, туталанып кетүү.

**ВСПЫ'ЛЬЧИВОСТЬ** *ж.* каны кызуулук, бат ачуулануучулук, күйкөлөктөнмөлүк.

**ВСПЫ'ЛЬЧИВЫЙ,** -ая, -ое ачуусу чукул, ачуулуу, күйкөлөктөнмө.

**ВСПЫ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **вспы́хнуть.**

**ВСПЫ'ХНУТЬ** *сов.* 1. (*загореться*) жалбырт дей түшүү, от алуу, от чыгуу; **вспы́хнул пожа́р** өрт чыкты; 2. *перен.* (*внезапно начаться*) чыга түшүү; **вспы́хнула война́** согуш чыга түштү; 3. (*покраснеть*) кызарып кетүү, кызаруу; 4. (*прийти в возбуждение*) туталанып кетүү, ачууланып кетүү, ачуулануу; **вспы́хнуть гне́вом** кыжыры кайнап, туталанып кетүү.

**ВСПЫ'ШКА** *ж.* 1. дүрт этип күйүп кетүү, дүрт этүү; **вспы́шка по́роха** ок-дарынын (порохтун) дүрт этип күйүп кетиши; 2. *перен.* тез эле башталып кетүү; 3. *перен.* ачуунун келе түшүшү, туталаныш.

**ВСПЯТЬ** *нареч. уст.* кетенчиктеп, артына карай, артка.

**ВСТАВА'НИЕ** *ср.* туруу, ордундан туруу; **ра́ннее встава́ние** эрте туруу; **почти́ть чью-л. па́мять встава́нием** өлгөн бирөөнү эске алып ордунарынан туруу.

**ВСТАВА'ТЬ** *несов. см.* **встать.**

**ВСТА'ВИТЬ** *сов. что* 1. коюу, салуу, киргизе коюу, арасына коюу (салуу), ичине коюу (салуу); **вста́вить в ра́му стекло́** айнекти рамага коюу; **вста́вить зу́бы** тиш коюу, тиш салуу; 2. *перен.* кыстыруу; **вста́вить сло́во в разгово́р** сөз арасына сөз кыстыруу.

**ВСТА'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) киргизип коюу, ичине коюу (салуу), арасына коюу (салуу); 2. (*вписанный текст*) вставка (*арасына жазып киргизилген текст*); 3. (*у женского платья*) арасына курап тигилген.

**ВСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вста́вить.**

**ВСТАВНО'Й,** -а́я, -о́е коюлма, кириндн; **вставна́я ра́ма** коюлма рама; **вставны́е зу́бы** коюлма тиштер.

**В СТАРИНУ'** *см.* **старина́.**

**ВСТАРЬ** *нареч. уст.* эски убакта, байыркы убакта.

**ВСТАТЬ** *сов.* 1. (*подняться на ноги*) туруу; **встать с ме́ста** ордунан туруу; **встать с посте́ли** төшөктөн туруу; **встать из-за стола́** столдон туруу; 2. (*ступить на что-л.*) чыгып туруу; **встать на стул** стулдун үстүнө чыгып туруу; 3. *перен.* (*выздороветь*) туруу (*айыгып туруу*); **он встал по́сле до́лгой боле́зни** ал узак оорудан кийин турду; 4. *перен.* (*подняться на борьбу, сплотиться*) көтөрүлүү; **встать на защи́ту ро́дины** родинаны коргоого көтөрүлүү; 5. *перен.* (*возникнуть*) туулуу, чыгуу, келип чыгуу; **встал вопро́с** маселе келип чыкты; 6. *разг.* (*уместиться*) батуу, сыюу; **э́тот шкаф здесь не вста́нет** бул шкаф бул жерге батпайт; 7. (*приступить к чему-л.*) киришүү, туруу; **встать на карау́л** караулга туруу; ◇ **со́лнце вста́ло** күн чыкты; **река́ вста́ла** өзөн тоңуп калды.

**ВСТРЕВО'ЖИТЬ** *сов. кого-что* кооптонтуу, тынчсыздантуу, санаасын алагды кылуу.

**ВСТРЕВО'ЖИТЬСЯ** *сов.* кооптонуу, тынчсыздануу, санаасы алагды болуу.

**ВСТРЁПАННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* уйпаланган, саксайган; **встрёпанная голова́** саксайган баш; ◇ **встал (вскочи́л) как встрёпанный** ыргып (бирөө ойготкондой, көзү чайыттай ачылып) ордунан туруу.

**ВСТРЕПЕНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. талпынуу, силкинүү; **пти́ца встрепену́лась** куш талпынды; 2. *перен.* селт этип кетүү, дирт этип кетүү; дирт этип, согуп кетүү; **я встрепену́лся** мен селт этип кеттим; **се́рдце моё встрепену́лось** дирт этип, менин жүрөгүм согуп кетти.

**ВСТРЁПКА** *ж. разг.* төмпөштөө, уруп коюу.

**ВСТРЕ'ТИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*увидеть*) жолуктуруу, кезиктирүү, жолугуу, кезигүү, учуратуу, учуроо; **я встре́тил на у́лице знако́мого** мен таанышымды көчөдөн жолуктурдум; 2. *кого-что* (*дождаться прибытия*) тосуп алуу, тосуп чыгуу; **встре́тить госте́й на вокза́ле** коноктору вокзалдан тосуп алуу; 3. *кого* (*принять каким-л. образом*) кабыл алуу, каршы алуу; **встре́тить певца́ аплодисме́нтами** ырчыны кол чабуу менен кабыл алуу; 4. *что* (*получить, испытать*) учуратуу, кез болуу; **встре́тить раду́шный приём** жылуу кабыл алууга кез болуу; 5. *что* (*отпраздновать*) тосуу, каршы алуу; **встре́тить Но́вый год** Жаңы жылды тосуу; ◇ **встре́тить** *что-л.* **в штыки́** бир нерсени өтө каршылык менен кабыл алуу.

**ВСТРЕ'ТИТЬСЯ** *сов.* 1. *с кем* жолугуу, жолугушуу, кезигүү, учуроо, кезигишүү; **встре́титься с дру́гом** досу менен жолугушуу; 2. *с чем, перен.* кездешүү, учуроо, бет алышуу; **встре́титься с тру́дностями** кыйынчылыктарга учуроо; 3. (*сойтись для борьбы, состязания*) беттешүү; **встре́тились лу́чшие шахмати́сты** эң мыкты шахматисттер беттешти.

www.bizdin.kg

**ВТИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **втере́ться;** 2. *страд. к* **втира́ть.**

**ВТИ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **вти́снуть.**

**ВТИ'СКИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вти́снуться;** 2. *страд. к* **вти́скивать.**

**ВТИ'СНУТЬ** *сов. что* тыгуу, зордоп батыруу.

**ВТИ'СНУТЬСЯ** *сов.* жөөлөп кирүү; **вти́снуться в ваго́н** вагонго жөөлөшүп кирүү.

**ВТИХОМО'ЛКУ** *нареч. разг.* жашырын, билдирбей, тымызын.

**В ТИШИ'** (*вдали от шума*) тынчтыкта.

**ВТОЛКНУ'ТЬ** *сов. кого-что* түртүп киргизүү.

**ВТОЛКОВА'ТЬ** *сов. что кому* айтып түшүндүрүү, түшүндүрүү.

**ВТОЛКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **втолкова́ть.**

**ВТОПТА'ТЬ** *сов. что* тепсеп киргизүү, тепсеп көмүү; ◊ **втопта́ть в грязь** *кого-л.* *бирөөнү* жалган жеринен каралоо, *бирөөгө* жалган жалаа жабуу.

**ВТОРГА'ТЬСЯ** *несов. см.* **вто́ргнуться.**

**ВТО'РГНУТЬСЯ** *сов.* күч (зордук) менен кийлигишүү; **вто́ргнуться в чужу́ю жизнь** бирөөнүн турмушуна зордук менен кийлигишүү.

**ВТОРЖЕ'НИЕ** *ср.* басмырлап кирүү, басып кирүү.

**ВТО'РИТЬ** *несов. кому-чему* 1. тууроо; **э́хо вто́рит гро́му** жаңырык күндүн күркүрөөсүн туурайт; 2. *перен. разг.* ээрчүү, тууроо; **он вто́рит своим това́рищам** ал өзүнүн жолдошторун ээрчийт (туурайт).

**ВТОРИ'ЧНО** *нареч.* экинчи жолу, экинчи ирет, экинчи мертебе; **втори́чно спроси́ть** экинчи жолу суроо.

**ВТОРИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*повторный*) экинчи, экинчи жолу болгон, экинчи ирет болгон, экинчи мертебе болгон; **втори́чный вы́зов** экинчи чакыруу; 2. (*сверх первого*) экинчи; **втори́чный слой** экинчи катмар; 3. (*второстепенный*) экинчи орундагы, экинчи даражадагы; **втори́чные при́знаки** экинчи даражадагы белгилер.

**ВТО'РНИК** *м.* шейшемби.

**ВТОРОГО'ДНИК** *м.* классында калган, бир класста эки жылы отурган, бир класста эки жылы окуган.

**ВТОРОГО'ДНИЦА** *женск. р. к* **второго́дник.**

**ВТОРОГО'ДНИЧЕСТВО** *ср.* бир класста эки жыл окуу (отуруу).

**ВТОРО'Й,** -а́я, -о́е 1. *числ.* экинчи; **втора́я о́чередь** экинчи ирет; **второ́е число́ ме́сяца** айдын экинчи числосу; 2. *прил.* (*второстепенный*) экинчи даражадагы; **игра́ть вторы́е ро́ли** экинчи даражадагы ролдорду ойноо; **на второ́м пла́не** экинчи даражадагы планда; 3. *прил.* (*подобный первому*) экинчи; **она́ для меня́ втора́я мать** ал мен үчүн экинчи эне; 4. *в знач. сущ. ср.* экинчи.

**ВТОРОКЛА'ССНИК** *м.* экинчи класстын окуучусу.

**ВТОРОКЛА'ССНИЦА** *женск. р. к* **второкла́ссник.**

**ВТОРОПЯ'Х** *нареч.* шашып-бушуп, шашкалактап, шашылышта, шашып, калдастап; **второпя́х забы́ть** *что-л.* *бир нерсени* шашылышта унутуп калуу.

**ВТОРОРАЗРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое экинчи разряддык, экинчи катардагы, анчалык жогору болбогон.

**ВТОРОСО'РТНЫЙ,** -ая, -ое экинчи сорттук.

**ВТОРОСТЕПЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*не основной*) негизги эмес, экинчи даражадагы; **э́то — второстепе́нный вопро́с** бул негизги маселе эмес; 2. (*посредственный*) орточо, экинчи даражадагы; **второстепе́нный писа́тель** экинчи даражадагы жазуучу; ◊ **второстепе́нные чле́ны предложе́ния** *грам.* сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү (*ээ менен баяндоочтон башкалары*).

**ВТРАВИ'ТЬ** *сов. кого* 1. *охот.* (*приучить к травле*) ууга үйрөтүү; 2. *перен.* азгыруу, жаман ишке тукуруу.

**ВТРА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **втрави́ть.**

**В-ТРЕ'ТЬИХ** *вводн. сл.* үчүнчүдөн.

**ВТРИ'ДОРОГА** *нареч. разг.* абдан кымбат.

**ВТРО'Е** *нареч.* үч эсе, үч жолу, үч мертебе, үч кабат, үч кабаттап; **увели́чить втро́е** үч эсе көбөйтүү; **уме́ньшить втро́е** үч эсе азайтуу; **сложи́ть втро́е** үч кабаттоо; **втро́е бо́льше** үч эсе көп.

**ВТРОЁМ** *нареч.* үчөө, үчөөлөп, үчөөлөшүп, үчөө болуп, үч киши болуп.

**ВТРОЙНЕ'** *нареч.* үч эсе, үч мертебе (*көп, артык, чоң*).

**ВТУЗ** (высшее техническое учебное заведение) втуз (техникалык жогорку окуу жайы).

**ВТУ'ЛКА** *ж.* 1. *тех.* втулка (*дөңгөлөктүн тешигиндеги металл түтүк*); **вту́лка колеса́** дөңгөлөктүн втулкасы; 2. (*пробка, затычка*) тыгын; **вту́лка бо́чки** бочканын тыгыны.

**В ТУПИ'К** *см.* **тупи́к.**

**ВТЫКА'ТЬ** *несов. см.* **воткну́ть.**

**ВТЫКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **воткну́ться;** 2. *страд. к* **втыка́ть.**

**ВТЯ'ГИВАНИЕ** *ср.* 1. тартып киргизүү (*внутрь*); тартып чыгаруу (*наверх*); 2. *перен.* тартуу.

**ВТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **втяну́ть.**

**ВТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **втяну́ться;** 2. *страд к* **втя́гивать.**

**ВТЯЖНО'Й,** -а́я, -о́е *тех.* соруп алуучу, ичине тартып алуучу.

**ВТЯНУ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*втащить*) тартып киргизүү (*внутрь*); тартып бир нерсенин үстүнө чыгаруу (*наверх*); 2. *что* (*вобрать воздух, жидкость*) соруу, ичине тартып алуу; **гу́бка втяну́ла всю во́ду** губка суунун баарын соруп алды; 3. *кого, перен.* (*вовлечь*) тартуу; **втяну́ть в рабо́ту** жумушка (ишке) тартуу.

**ВТЯНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*вобраться внутрь*) ичин карай сорулуу; **у больно́го щёки втяну́лись** оорунун жаагы сорулуп кетиптир; 2. *во что, перен.* (*привыкнуть*) бир немеге берилүү, өнөкөт алуу; **бы́стро втяну́ться в но́вую рабо́ту** жаңы ишке тез берилип кетүү.

**ВУАЛИ'РОВАТЬ** *несов. что* жымсалдатуу, жаап-жашыруу, көз боёмолоо.

**ВУА'ЛЬ** *ж.* вуаль, чүмбөт (*аялдар калпактын алды жагына бекитип, бетине түшүрүп алуучу ичке жыш тор*).

**ВУЗ** (высшее учебное заведение) вуз (жогорку окуу жайы).

**ВУЛКА'Н** *м.* вулкан (*жанар тоо*); **де́йствующий вулка́н** өчө элек, күйүп турган вулкан; **потý́хший вулка́н** өчүп калган вулкан; ◊ **жить как на вулка́не** ар дайым коопто жашоо, коркунуч астында жашоо.

**ВУЛКАНИЗА'ЦИЯ** *ж. тех.* вулканизация, вулканизациялоо (*каучукту күкүрт менен ысытып, аны резинага айландыруу процесси*).

**ВУЛКАНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех.* вулканизациялоо.

**ВУЛКАНИ'Т** *м. геол.* вулканит (*вулкандан пайда болгон тоо теги*).

**ВУЛКАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **вулкан**-*га т.*; вулкандык; **о́стров вулкани́ческого происхожде́ния** вулкандан пайда болгон арал.

**ВУЛЬГАРИЗА'ТОР** *м.* вульгаризатор (*кандайдыр бир окууну бузуучу, одоно бурмалап жөнөкөйлөштүрүүчү адам*).

**ВУЛЬГАРИЗА'ЦИЯ** *ж.* вульгаризация, вульгаризациялоо.

**ВУЛЬГАРИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* вульгаризациялоо.

**ВУЛЬГАРИ'ЗМ** *м. лингв.* вульгаризм (*одоно сөз*).

**ВУЛЬГА'РНО** *нареч.* одоно, уятсыз, адепсиз.

**ВУЛЬГА'РНОСТЬ** *ж.* вульгарчылык, одополук, уятсыздык, адепсиздик.

**ВУЛЬГА'РНЫЙ,** -ая, -ое вульгардык, одоно, уятсыз, адепсиз.

**В УПО'Р** *см.* **упо́р.**

www.bizdin.kg

**ВХОД** *м.* 1. (*действие*) кирүү; **пла́та за вход** кирүү акысы; **при вхо́де** кирүү алдында, киреерде; 2. (*место*) эшик (*кире бериш*); **гла́вный вход** чоң эшик, негизги эшик.

**ВХОДИ'ТЬ** *несов. см.* **войти́**; ◇ **э́то не входи́ло в мои́ расчёты** бул менин эсебиме кирген эмес эле.

**ВХОДНО'Й**, -а́я, -о́е **вход** 1-*ге т.*; **входна́я пла́та** кирүү акысы; **входно́й биле́т** кирүү билети.

**ВХОДЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **входи́ть**; 2. *прил. офиц.* келүүчү, кирүүчү, кирген; **входя́щие бума́ги** келүүчү (кирүүчү) кагаздар.

**ВХОЖДЕ'НИЕ** *ср.* кирүү.

**ВХО'ЖИЙ**, -ая, -ее *разг.* өз киши, келип-кетип жүрүүчү, дайым келүүчү; **он вхож в э́тот дом** ал бул үйгө дайым келет.

**ВХОЛОСТУ'Ю** *нареч.* бекерге, эч пайдасыз, кур талаага; **рабо́тать вхолосту́ю** кур талаага иштөө (*пайдалуу иш кылбай*).

**ВЦЕПИ'ТЬСЯ** *сов. в кого, во что* кармап жабышуу; **вцепи́ться в во́лосы** *кому-л.* *бирөөнү* чачтан алуу; **он так и вцепи́лся в меня́** *перен.* ал мага жабышып эле калды.

**ВЦЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **вцепи́ться.**

**ВЦСПС** (Всесою́зный Центра́льный Сове́т Профессиона́льных Сою́зов) ВЦСПС (Бүткүл Союздук Профессионалдык Союздардын Борбордук Советти).

**ВЧЕРА'** *нареч.* кечээ, кечээ күнү; **вчера́ днём** кечээ күндүз; **вчера́ ве́чером** кечээ кечинде.

**ВЧЕРА'ШНИЙ**, -яя, -ее кечээги; **весь вчера́шний день** кечээ кечке, кечээ күн бою, кечээ кечке чейин; ◇ **иска́ть вчера́шнего дня** *разг. ирон.* кечээги өткөндү бүгүн издөө.

**ВЧЕРНЕ'** *нареч.* чала-чарпы, биротоло бүтпөгөн түрдө; **докла́д гото́в вчерне́** доклад биротоло жазылып бүтө элек, доклад чала-чарпы жазылды.

**ВЧЕРТИ'ТЬ** *сов. что* ичине сызуу, чийүү; **вчерти́ть треуго́льник в круг** тегеректин ичине үч бурчтук сызуу.

**ВЧЕ'РЧИВАТЬ** *несов. см.* **вчерти́ть.**

**ВЧЕ'ТВЕРО** *нареч.* төрт эсе, төрт жолу, төрт мертебе, төрт кабат, төрт кабаттап; **сложи́ть бума́гу вче́тверо** кагазды төрт бүктөө; **увели́чить вче́тверо** төрт эсе көбөйтүү.

**ВЧЕТВЕРО'М** *нареч.* төртөө, төртөөлөп, төртөө болуп, төрт киши болуп; **мы рабо́тали вчетверо́м** биз төртөөлөп иштедик.

**В-ЧЕТВЁРТЫХ** *вводн. сл.* төртүнчүдөн.

**ВЧИСТУ'Ю** *нареч. разг. уст.* таптакыр, биротоло; **уво́лить вчисту́ю** таптакыр бошотуп салуу.

**ВЧИТА'ТЬСЯ** *сов.* окуп түшүнүү, окуп өздөштүрүү.

**ВЧИ'ТЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **вчита́ться.**

**ВЧУ'ЖЕ** *нареч. разг.*: **мне его́ вчу́же жаль** жат болсом да, ал мага аянычтуу.

**ВШЕ'СТЕРО** *нареч.* алты эсе, алты жолу, алты мертебе, алты кабат.

**ВШЕСТЕРО'М** *нареч.* алтоо, алтоолоп, алтоо болуп, алты киши болуп; **идти́ вшестеро́м** алтоо болуп жүрүү.

**вши** *род. ед. и им. мн. от* **вошь.**

**ВШИВА'ТЬ** *несов. см.* **вшить.**

**ВШИ'ВЕТЬ** *несов.* биттөө, биттеп кетүү.

**ВШИВНО'Й**, -а́я, -о́е тигилүүчү, тигилип орнотулуучу.

**ВШИ'ВОСТЬ** *ж.* биттүүлүк.

**ВШИ'ВЫЙ**, -ая, -ое биттүү.

**ВШИРЬ** *нареч.* туурасына, энине; **разда́ться вширь** туурасына жайылуу.

**ВШИТЬ** *сов. что* киргизип тигүү.

**ВЪ=** *приставка, бул «е», «я»нын алдында «в» нын ордуна жазылат*; *мис.* **въе́хать** кирүү (*унаа, машина ж. б. менен*); унаачан чыгуу (*мис. тоого*).

**ВЪЕДА'ТЬСЯ** *несов. см.* **въе́сться.**

**ВЪЕ'ДЧИВЫЙ**, -ая, -ое *разг.* 1. жеп жибере турган, оюп жибере турган; **въе́дчивая кра́ска** жеп жибере турган (оюп жибере турган) боёк; 2. *перен.* ыгы жок кекээрлеме, ыгы жок асылма.

**ВЪЕЗД** *м.* 1. (*действие*) кирүү; 2. (*место*) өтө турган, кире турган жол.

**ВЪЕ'СТЬСЯ** *сов.* оюп кирүү, сиңип кирүү.

**ВЪЕ'ХАТЬ** *сов.* 1. кирүү (*напр. на машине и т.п.*) унаачан кирүү (*внутрь*); чыгуу (*наверх*); 2. (*поселиться*) кирүү, көчүп (келип) кирүү; **в дом въе́хали но́вые жильцы́** үйгө жаңы турууучулар кириштн.

**ВЫ** *мест. личн.* силер; сиз, сиздер (*вежливая форма*); ◇ **быть** *с кем-л.* **на «вы»** *бир-бири* менен «сиз» деп сүйлөшүү.

**ВЫ=** *приставка, бул төмөндөгүнү билдирет*: 1) *кыймыл-аракеттин бүткөндүгүн, бир нерсеге жетишкендикти көрсөтөт*; *мис.* **вы́учить** билүү, билип алуу, жаттап алуу; үйрөтүү, окутуу, машыктыруу; 2) *кыймыл-аракеттин, бир нерсенин ич жагынан болгонун көрсөтөт*; *мис.* **вы́бежать** жүгүрүп, чуркап чыгуу; 3) *частица «ся» жалганганда — кыймыл-аракеттин толук аякталганын көрсөтөт*; *мис.* **вы́лежаться** жатып эс алуу, жатып оңолуу; жатып бышуу, тура берип жетилүү (*мис. үзгөн алма*).

**ВЫБА'ЛТЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́болтать.**

**ВЫБЕГА'ТЬ** *несов. см.* **вы́бежать.**

**ВЫ'БЕЖАТЬ** *сов.* жүгүрүп чыгуу, чуркап чыгуу.

**ВЫ'БЕЛИТЬ** *сов.* 1. *что, текст.* агартуу; 2. *кого-что* (*покрасить, запачкать чем-л. белым*) актоо, ак боёк менен боёо, ак сыр менен сырдоо.

**ВЫБИВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́бить.**

**ВЫБИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́биться**; 2. *страд. к* **выбива́ть.**

**ВЫБИРА'ТЬ** *несов. см.* **вы́брать.**

**ВЫБИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́браться**; 2. *страд. к* **выбира́ть.**

**ВЫ'БИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*вышибить*) уруп сындыруу, кагып чыгаруу, кууп чыгаруу, уруп түшүрүү; **вы́бить стекло́** терезени уруп сындыруу; **вы́бить зу́бы** тиштерди уруп сындыруу; **вы́бить вса́дника из седла́** атчан кишини ээрден уруп түшүрүү; **вы́бить проти́вника из око́пов** душманды окоптордон кууп чыгаруу; 2. *что* (*выколотить*) кагуу, күбүү; **вы́бить пыль из ковра́** килемдин чаңын кагуу (күбүү); 3. *что* (*вычеканить*) согуу; **вы́бить меда́ль** медаль согуу; 4. *что* (*вытоптать, уничтожить что-л.*) талкалоо; **град вы́бил посе́вы** мөндүр айдоону талкалады; ◇ **вы́бить** *кого-л.* **из коле́и** *бирөөнү* көнгөн жолдон чыгарып кетүү, көнгөн иштен алагды кылуу, көнгөн адаттагы жолунан чыгаруу; **вы́бить дурь из головы́** *разг.* жинин кагуу.

**ВЫ'БИТЬСЯ** *сов.* 1. *разг.* (*с трудом выбраться*) эптеп араң чыгуу; **вы́биться из толпы́** калың элдин арасынан эптеп араң чыгуу; **вы́биться из окруже́ния** курчоодон кутулуп (эптеп араң) чыгуу; 2. *перен. разг.* араң кутулуу; **вы́биться из долго́в** карыздан араң кутулуу; 3. (*показаться наружу*) чыгып туруу; **во́лосы вы́бились из-под шля́пы** чач калпактын алдынан чыгып турду; ◇ **вы́биться из сил** алдан тайуу, күчтөн тайуу, алсыроо.

**ВЫ'БОИНА** *ж.* чуңкур (*жолдун таманындагы оюлган чуңкур*).

**ВЫ'БОЛТАТЬ** *сов. что, разг.* айтылбай турган нерсени айтып салуу (*мис. жашырын иши*).

**ВЫ'БОР** *м.* 1. (*действие*) тандоо, ылгоо; **вы́бор профе́ссии** профессия тандоо; **останови́ть свой вы́бор** *на чём-л.* *бир нерсени* тандап жактырып алуу; 2. (*подбор, ассортимент*) түрдүү-түрдүү, тандап аларлык; **в э́том магази́не большо́й вы́бор това́ров** бул магазинде көп түрдүү товарлар бар (*бул магазинде товарларды тандап алууга мүмкүндүк бар*); ◇ **на вы́бор** тандап, өзү каалаганын; кайсынысын кааласаң, ошонусун.

**ВЫ'БОРКА** *ж.* 1. (*действие*) тандоо, тандап алуу, ылгоо, ылгап алуу; **прове́рить** *что-л.* **на вы́борку** *бир нерсени*

www.bizdin.kg

арасынан атайы ылгап алып текшерүү; 2. *чаще мн.* (*выписка*) ар кайсы жеринен тандап жазып алуу· (*китептен*); **делать выборки** ар кайсы жеринен тандап жазып алуу.

**ВЫ'БОРНОСТЬ** *ж.* шайлануучулук; **выборность руководящих органов в общественных организациях** коомдук уюмдарда жетекчи органдардын шайлануучулугу.

**ВЫ'БОРНЫЙ,** -ая, -ое 1. шайланган, шайлануучу; **выборное лицо** шайланган адам; **выборная должность** шайлануучу орун; 2. *в знач. сущ. м.* шайланган.

**ВЫ'БОРОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **выборочное обследование** арасынан тандап алып текшерүү; **выборочное лесное хозяйство** токой чарбачылыгындагы тандамалык (*токойду бир четинен эле кесе бербей, тандап кесүү системасы*).

**ВЫ'БОРЩИК** *м.* 1. (*при выборах*) шайлоочу; 2. (*при выборке*) тандоочу, ылгоочу.

**ВЫ'БОРЫ** *только мн.* шайлоо; **выборы в Советы депутатов трудящихся** Эмгекчилер Депутаттарынын Советтерине шайлоо; **производить выборы** шайлоо жүргүзүү.

**ВЫ'БРАНИТЬ** *сов. кого-что, разг.* тилдөө; сөгүү.

**ВЫ'БРАНИТЬСЯ** *сов. разг.* сөгүнүү.

**ВЫБРА'СЫВАТЬ** *несов. см.* **выбросить.**

**ВЫБРА'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выброситься;** 2. *страд. к* **выбрасывать.**

**ВЫ'БРАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*сделать выбор*) тандоо, тандап алуу, ылгоо, ылгап алуу; **выбрать профессию** профессия тандоо; 2. *кого* (*избрать голосованием*) шайлоо; 3. *что* (*извлечь всё*) баарын алып коюу, калтырбай алып коюу; **он выбрал всё из коробки** ал кутудан бардыгын алып койду.

**ВЫ'БРАТЬСЯ** *сов.* 1. (*с трудом выйти, выехать*) чыгуу, араң чыгуу; **выбраться из леса на дорогу** токойдун ичинен жолго чыгуу; 2. *перен.* кутулуу, бошонуу; **он выбрался из затруднений** ал кыйынчылыктардан кутулду; 3. *перен.* (*найти возможность что-л. сделать*) мүмкүндүк табуу, жолун табуу.

**ВЫ'БРИТЬ** *сов. что* чач *же* сакал алуу (*устара менен*).

**ВЫ'БРИТЬСЯ** *сов.* чач *же* сакал алдыруу.

**ВЫ'БРОСИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* ыргытып таштоо, ыргытып жиберүү, өчүрүп таштоо, алып таштоо, чыгарып таштоо; **выбросить в окно** терезеден ыргытып жиберүү; **выбросить за борт** 1) борттон алыс ыргытып жиберүү; 2) *перен.* керекке жаратпай салуу, катардан чыгарып салуу; 2. *что, перен.* (*выпустить*) чыгаруу; **выбросить товар на рынок** базарга товар чыгаруу; ◇ **выбросить** *кого-л.* **на улицу** *бирөөнү* көчөгө чыгарып таштоо (*үйсүз, жайсыз кууп салуу*); **выбросить строку** жолду (жазуудa) алып таштоо; **выбросить из головы** ойдон чыгарып таштоо, мындан ары ал тууралу такыр ойлобой коюу; **выбросить деньги на ветер** акчаны чачуу (ысырап кылуу); **выбросить лозунг** ураан чакыруу; **выбросить флаг** желек орнотуу.

**ВЫ'БРОСИТЬСЯ** *сов.* өзүн таштап жиберүү, секирип түшүү; **выброситься с парашютом с самолёта** самолёттон парашют менен секирип түшүү.

**ВЫБЫВА'ТЬ** *несов. см.* **выбыть.**

**ВЫБЫ'ТИЕ** *ср.*: **за выбытием** *офиц.* кетип калгандыктан.

**ВЫ'БЫТЬ** *сов.* кетүү, кетип калуу; **выбыть из города** шаардан кетип калуу; **выбыть из строя** 1) *воен.* катардан чыгуу, стройдон чыгуу; 2) *перен.* катардан чыгуу (*о ком-л.*); керектен чыгуу, колдонууга жарабай калуу, жараксыз болуп калуу (*о чём-л.*).

**ВЫВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **вывалить.**

**ВЫВА'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вывалиться;** 2. *страд. к* **вываливать.**

**ВЫ'ВАЛИТЬ** *сов. кого-что* оодарып салуу, оодарып түшүрүү, оодарып түшүү.

**ВЫ'ВАЛИТЬСЯ** *сов.* оодарылып калуу, түшүп калуу.

**ВЫ'ВАЛЯТЬ** *сов. кого-что, разг.* оонатуу, оонатып булгоо; **вывалять** *кого-л.* **в снегу** *бирөөнү* карга оонатуу.

**ВЫ'ВАЛЯТЬСЯ** *сов. разг.* оонап алуу, оонап булгануу.

**ВЫВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **выварить.**

**ВЫ'ВАРИТЬ** *сов. что* 1. (*хорошо прокипятить*) кайнатып өтө бышыруу, эзилте бышыруу; 2. (*извлечь что-л. кипячением*) кайнатуу, кайнатып алуу, кайнатып чыгаруу; **выварить соль** туз кайнатуу.

**ВЫ'ВАРИТЬСЯ** *сов.* 1. (*хорошо прокипятиться*) кайнап эзиле бышуу; 2. (*выделиться при кипячении*) кайнатылып чыгарылуу, кайнатылып алынуу.

**ВЫ'ВАРКА** *ж.* кайнатып чыгаруу (*соли*).

**ВЫ'ВЕДАТЬ** *сов. что, разг.* астыртан билүү, астыртадан билүү, ичмектеп билүү; **выведать** *чьи-л.* **намерения** *бирөөнүн* максатын астыртан билип алуу.

**ВЫВЕДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*выращивание*) чыгаруу; **выведение новых сортов пшеницы** буудайдын жаңы сортторун чыгаруу; 2. (*уничтожение*) жоготуу, жоюу, кетирүү.

**ВЫВЕ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **выведать.**

**ВЫ'ВЕЗТИ** *сов.* 1. *кого-что* (*отвезти, увезти*) чыгаруу, ташып чыгаруу; **вывезти на лето детей из города** балдарды жайында шаардан сыртка чыгаруу; 2. *кого-что* (*привезти с собой*) ташып келүү, алып келүү; **я вывез много коллекций с Алтая** мен Алтайдан көп коллекция алып келдим; 3. *что, эк.* (*экспортировать*) чыгаруу, чыгарып сатуу; **вывезти товар за границу** чет мамлекетке товар чыгаруу.

**ВЫ'ВЕРИТЬ** *сов. что* тууралсо, текшерип дурустугун билүү; **выверить часы** саатты тууралоо.

**ВЫ'ВЕРКА** *ж.* тууралоо, текшерип дурустугун билүү.

**ВЫ'ВЕРНУТЬ** *сов. что* 1. (*вывинтить*) бурап чыгаруу; **вывернуть лампочку** лампочканы бурап чыгаруу; 2. *разг.* (*вывихнуть*) чыгаруу; **вывернуть руку** колду чыгарып алуу; 3. (*наизнанку*) аңтаруу (*ичин сыртына аңтаруу*); **вывернуть карман** чөнтөктү аңтаруу.

**ВЫ'ВЕРНУТЬСЯ** *сов.* 1. (*вывинтиться*) буралып чыгуу; 2. *разг.* (*вывихнуться*) чыгуу; 3. (*наизнанку*) аңтарылуу; 4. *перен. разг.* (*выйти из трудного положения*) кутулуу, кутулуп чыгуу, бир амалын таап кыйын абалдан кутулуу; **вывернуться из беды** кыйын абалдан амалын таап кутулуу.

**ВЫВЁРТЫВАТЬ** *несов. см.* **вывернуть.**

**ВЫВЁРТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вывернуться;** 2. *страд. к* **вывёртывать.**

**ВЫВЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **выверить.**

**ВЫ'ВЕСИТЬ** I *сов. что* (*повесить*) асып коюу, илип коюу; сыртка асуу, сыртка илүү, тагуу; **вывесить флаги** желек илүү.

**ВЫ'ВЕСИТЬ** II *сов. что* (*проверить взвешиванием*) таразалоо, таразалап өлчөө, таразалап өлчөп текшерүү.

**ВЫ'ВЕСКА** I *ж.* (*планка с надписью*) вывеска (*мекеме же магазиндердин аты жазылып, илинип коюучу такта*); ◇ **под вывеской** *чего-л. бир нерсени* шылтооломуш болуп.

**ВЫ'ВЕСКА** II *ж.* (*проверка взвешиванием*) таразалоо, таразалап өлчөө, таразалап өлчөп текшерүү.

**ВЫ'ВЕСТИ** I *сов.* 1. *кого-что* (*куда-л., откуда-л.*) чыгаруу, жетелеп чыгаруу, ээрчитип чыгаруу; 2. *кого* (*исключить*) чыгаруу; **вывести из состава президиума** президиумдун составынан чыгаруу; 3. *кого-что* (*вырастить*) чыгаруу; **вывести новую породу скота** малдын жаңы түрүн чыгаруу; 4. *что* (*уничтожить*) жоготуу, жоюу (*мис. канталаны*); кетирүү; **вывести пятна** кийимдеги тактэ кетирүү; 5. *что* (*сделать вывод*) чыгаруу, корутунду чыгаруу; **вывести заключение** жыйынтык чыгаруу; **вывести формулу** формула чыгаруу; 6. *что* (*построить*) тургузуу; **вывести стены здания** имараттын дубалын тургузуу; 7. *кого-что* (*изобразить*) көрсөтүү, сүрөттөө; 8. *что, разг.* (*тщательно написать, вырисовать*) жазуу, сызуу, ынтасын коюп жазуу (сызуу); **школьник старательно вывел**

www.bizdin.kg

**ка́ждую бу́кву** окуучу ар бир тамганы ынтасын коюп жазды; ◇ **вы́вести из себя́** ачуусун келтирүү, кыжырын кайнатуу; **вы́вести из терпе́ния** кыжырын кайнатуу, жанына батуу; **вы́вести** *кого-л.* **на чи́стую во́ду** *биреөнүн* бетин ачуу, *биреөнүн* айбын ачуу; **вы́вести из стро́я** 1) *воен.* катардан чыгаруу, стройдон чыгаруу; 2) *перен.* иштен чыгаруу (*кого-л.*); керектен чыгаруу (*что-л.*).

**ВЫ'ВЕСТИ** II *сов.* (*произвести на свет*) чыгаруу; **вы́вести птенцо́в** балапан чыгаруу.

**ВЫ'ВЕСТИСЬ** I *сов.* (*исчезнуть, выйти из употребления*) чыгарылуу, жоюлуу, жоготулуу.

**ВЫ'ВЕСТИСЬ** II *сов.* (*о птенцах*) чыгарылуу.

**ВЫВЕ'ТРИВАНИЕ** *ср.* **1.** (*проветривание*) шамалдатуу, желдетүү; **2.** *геол.* (*разрушение*) жемирилүү, бузулуу; **вывё́тривание го́рных поро́д** тоо тектеринин кыйрап бузулушу.

**ВЫВЕ'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **вы́ветрить.**

**ВЫВЕ'ТРИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **вы́ветриться; 2.** *страд.* **к вывё́тривать.**

**ВЫ'ВЕТРИТЬ** *сов. что* **1.** шамалдатуу, шамалга кургатуу; желдетүү; **вы́ветрить из ко́мнаты таба́чный дым** бөлмөдөн тамекинин түтүнүн желдетип чыгаруу; **2.** *перен. разг.* эстен чыгаруу; **вре́мя вы́ветрило э́тот слу́чай из па́мяти** бул окуя көп убакыт өткөндүктөн эстен чыгып кетиптир.

**ВЫ'ВЕТРИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*о запахе*) шамалданып жыты кетүү; **2.** *геол.* жемирилүү, бузулуу (*атмосферанын ар түрдүү таасиринен*); **3.** *перен.* (*забыться*) эстен чыгуу.

**ВЫВЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **вы́весить** I.

**ВЫВЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **вы́весить** II.

**ВЫ'ВИНТИТЬ** *сов. что* бурап чыгаруу; **вы́винтить га́йку** гайканы бурап чыгаруу.

**ВЫ'ВИНТИТЬСЯ** *сов. разг.* буралып чыгарылуу.

**ВЫВИ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́винтить.**

**ВЫВИ'НЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **вы́винтиться; 2.** *страд.* **к выви́нчивать.**

**ВЫ'ВИХ** *м.* бертинүү, мертинүү, чыгуу, чыгып кетүү; **вы́вих руки́** колдун чыгып кетиши.

**ВЫ'ВИХНУТЬ** *сов. что* бертинтип алуу, мертинтип алуу, чыгарып алуу; **вы́вихнуть но́гу** бутту чыгарып алуу.

**ВЫ'ВОД** *м.* **1.** (*удаление*) чыгаруу; **вы́вод войск** войсколорду чыгаруу; **2.** (*итог*) корутунду, жыйынтык, тыянак; **ва́жный вы́вод** олуттуу корутунду; **поспе́шный вы́вод** шашылыш жыйынтык; **прийти́ к вы́воду** жыйынтыкка келүү; **де́лать вы́вод** корутунду чыгаруу; **3.** *тех.* вывод (*сыртка чыгуучу провод*).

**ВЫВОДИ'ТЬ** I *несов. см.* **вы́вести** I.

**ВЫВОДИ'ТЬ** II *несов. см.* **вы́вести** II.

**ВЫВОДИ'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **вы́вестись** I; **2.** *страд* **к выводи́ть** I.

**ВЫВОДИ'ТЬСЯ** II *несов.* **1.** *см.* **вы́вестись** II; **2.** *страд.* **к выводи́ть** II.

**ВЫ'ВОДОК** *м.* уя, бир уя (*мис. карышкырдын күчүктөрү*); **вы́водок цыпля́т** бир уя чөжө.

**ВЫ'ВОЗ** *м. эк.* чыгаруу, чыгарып сатуу; **вы́воз капита́ла** капитал чыгаруу.

**ВЫВОЗИ'ТЬ** *несов. см.* **вы́везти.**

**ВЫ'ВОЗКА** *ж.* ташуу, ташып чыгаруу; **вы́возка удобре́ний на поля́** талаага жер семирткичтерди ташып чыгаруу.

**ВЫВОЗНО'Й,** -а́я, -о́е **вывоз** *-го т.*; **вывозна́я по́шлина** чет мамлекетке чыгарылуучу товарлардан алынуучу пошлина (бажы).

**ВЫВОЛА'КИВАТЬ** *несов. см.* **вы́волочь.**

**ВЫ'ВОЛОЧЬ** *сов. что, разг.* сүйрөп чыгаруу.

**ВЫВОРА'ЧИВАТЬ** *несов.* **1.** *см.* **вы́вернуть; 2.** *см.* **вы́воротить.**

**ВЫВОРА'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **вы́вернуться; 2.** *страд.* **к вывора́чивать.**

**ВЫ'ВОРОТИТЬ** *сов. что, разг.* **1.** коңторуу, томкоруу; **вы́воротить ка́мень из земли́** жерден ташты коңторуу; **2.** (*наизнанку*) аңтаруу.

**ВЫ'ВЯЗАТЬ** *сов. что* согуп жасоо (*мис. мээлейди*).

**ВЫ'ГАДАТЬ** *сов. что, разг.* пайда табуу, үнөмдөп калуу; **вы́гадать вре́мя** убакытты үнөмдөп калуу.

**ВЫГА'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́гадать.**

**ВЫ'ГИБ** *м.* ийилип уркуйган жери (*мис. трубанын*).

**ВЫГИБА'ТЬ** *несов. см.* **вы́гнуть.**

**ВЫГИБА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **вы́гнуться; 2.** *страд.* **к выгиба́ть.**

**ВЫ'ГЛАДИТЬ** *сов. что* үтүктөө, таптоо, дазмалдоо.

**ВЫ'ГЛЯДЕТЬ** *несов.* көрүнүү; **сего́дня он хорошо́ вы́глядит** анын өңү бүгүн жакшы болуп көрүндү.

**ВЫГЛЯ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́глянуть.**

**ВЫ'ГЛЯНУТЬ** *сов.* **1.** башбагып карoo, кылтыйып көрүнүү; **вы́глянуть из окна́** терезеден башбагып карoo; **2.** *перен.* (*показаться*) көрүнүү; **из-за туч вы́глянула луна́** булуттан ай көрүндү.

**ВЫ'ГНАТЬ** I *сов. кого-что* кууп чыгуу, айдап чыгуу, кууп чыгаруу, айдап чыгаруу, чыгарып жиберүү; **вы́гнать из ко́мнаты** бөлмөдөн кууп чыгаруу; **вы́гнать скот в по́ле** малды талаага айдап чыгаруу.

**ВЫ'ГНАТЬ** II *сов. что* (*добыть перегонкой*) тартуу; **вы́гнать дёготь** кара май тартуу.

**ВЫ'ГНУТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **вы́гнуть; 2.** *прил.* ийилген, кайкыйган; **вы́гнутая спи́нка кре́сла** креслонун кайкыйган аркасы.

**ВЫ'ГНУТЬ** *сов. что* ийүү, кайкыйтуу, кайкалатуу; **вы́гнуть ше́ю** моюнду созуп ийүү; **ко́шка вы́гнула спи́ну** мышык белин кайкалатты.

**ВЫ'ГНУТЬСЯ** *сов.* ийилүү, кайкыюу, кайкалоо.

**ВЫГОВА'РИВАТЬ** *несов.* **1.** *см.* **вы́говорить; 2.** *кому, разг.* (*делать замечание*) сөгүш берүү, ачууланyy, урушуу; **выгова́ривать за опозда́ние** кечиккени үчүн урушуу.

**ВЫ'ГОВОР** *м.* **1.** (*произношение*) айтуу, сүйлөө; **чи́стый вы́говор** так сүйлөө, так айтуу; **2.** (*порицание*) сөгүш, выговор; **стро́гий вы́говор** катуу сөгүш, катуу выговор.

**ВЫ'ГОВОРИТЬ** *сов. что* **1.** (*произнести*) айтуу, сүйлөө; **2.** *кому, разг.* (*выпросить, обеспечить за собой*) сурап алуу; **вы́говорить себе́ два дня отсро́чки** мөөнөтүн эки күнгө узартууну сурап алуу.

**ВЫ'ГОДА** *ж.* пайда; **взаи́мная вы́года** эки жакка тең пайда; **извле́чь вы́году** пайда табуу, пайда көрүү.

**ВЫ'ГОДНО** *нареч.* пайдалуу.

**ВЫ'ГОДНЫЙ,** -ая, -ое пайдалуу, ыңгайлуу, оңтойлуу; **вы́годный догово́р** пайдалуу договор; ◇ **в вы́годном све́те** (*представлять, выставлять кого-что-л.*) жакшы жагын (*жетишпегендиктер көрүнбөй турган этип*) көрсөтүү.

**ВЫ'ГОН** *м.* (*пастбище*) жайыт (*малдын жайыты*).

**ВЫ'ГОНКА** *ж.* тартуу; **вы́гонка дёгтя** кара май тартуу.

**ВЫГОНЯ'ТЬ** I *несов. см.* **вы́гнать** I.

**ВЫГОНЯ'ТЬ** II *несов. см.* **вы́гнать** II.

**ВЫГОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см* **вы́городить.**

**ВЫГОРА'ТЬ** *несов. см.* **вы́гореть.**

**ВЫ'ГОРЕТЬ** *сов.* **1.** (*сгореть*) өрттөнүп кетүү, өрт алып жок болуу, күйүп кетүү; **вся дере́вня вы́горела** кыштак бүт өрттөнүп кетти; **степь ле́том вы́горела** талаа жайында күйүп кетти; **2.** (*выцвести*) оңуу, оңуп кетүү; **мате́рия вы́горела** кездеме оңуп кетти; ◇ **де́ло не вы́горело** *разг.* иш оң болгон жок, иш ордунан чыккан жок.

**ВЫ'ГОРОДИТЬ** *сов.* **1.** *что* (*отделить изгородью*) калкалоо, калкалап коюу, тосуу, тосуп коюу; **2.** *кого, перен. разг.* (*избавить от обвинения*) калкалоо, жактоо.

**ВЫ'ГРАВИРОВАТЬ** *сов. что* оюп түшүрүү, оюп гравирлеп сүрөт *же* жазуу салуу.

**ВЫГРЕБА'ТЬ** I *несов. см.* **вы́грести** I.

**ВЫГРЕБА'ТЬ** II *несов. см.* **вы́грести** II.

www.bizdin.kg

**ВЫ́ГРЕСТИ** I *сов. что* (*сгребая удалить*) шилеп чыгаруу.

**ВЫ́ГРЕСТИ** II *сов.* (*гребя выплыть*) калак менен эшип чыгуу; **вы́грести к бе́регу** калак менен эшип, жээкке сүзүп чыгуу.

**ВЫГРУЖА́ТЬ** *несов. см.* **вы́грузить.**

**ВЫГРУЖА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́грузиться;** 2. *страд. к* **выгружа́ть.**

**ВЫ́ГРУЗИТЬ** *сов. кого-что* түшүрүү.

**ВЫ́ГРУЗИТЬСЯ** *сов.* түшүрүлүү.

**ВЫ́ГРУЗКА** *ж.* түшүрүү.

**ВЫГРЫЗА́ТЬ** *несов. см.* **вы́грызть.**

**ВЫ́ГРЫЗТЬ** *сов. что* кемирүү, кемирип чыгаруу, кемирип оюу, кемирип алуу.

**ВЫДАВА́ТЬ** *несов. см.* **вы́дать.**

**ВЫДАВА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́даться** 1; 2. (*выделяться*) башкаларга караганда көрүнүктүү болуп туруу; **выдава́ться свои́м умо́м** өзүнүн акылы менен башкаларга караганда көрүнүктүү болуп туруу; 3. *страд. к* **выдава́ть.**

**ВЫ́ДАВИТЬ** *сов. что* 1. (*выжать*) сыгуу, сыгып чыгаруу; **вы́давить сок из лимо́на** лимондун ширесин сыгып чыгаруу; 2. (*продавить*) басып сындыруу; **вы́давить стекло́** айнекти басып сындыруу; 3. (*выписнить*) (басып) из түшүрүү, так түшүрүү, басып түшүрүү; **вы́давить рису́нок на мета́лле** басып металлдын бетине сүрөт түшүрүү.

**ВЫДА́ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́давить.**

**ВЫДА́ИВАТЬ** *несов. см.* **вы́доить.**

**ВЫДА́ЛБЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́долбить.**

**ВЫ́ДАНЬЕ** *ср.*: **де́вушка на вы́даные** *разг. уст.* бойго жеткен кыз; чоңоюп күйөөгө тиерлик болгон кыз.

**ВЫ́ДАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*дать*) берүү; **вы́дать про́пуск** пропуск берүү; 2. *кого-что* (*обнаружить, разоблачить, предать*) айгак болуп айтып коюу, билдирүү, бетин ачуу; **вы́дать соо́бщников** кылмышты бирге иштеген жолдошторунун бетин ачуу; **вы́дать с голово́й** *см.* **голова́;** 3. *за кого-что* (*ложно приписать себе*) башканыкын «өзүмдүкү» деп көрсөтүү; **вы́дать себя́ за знатока́** *чего-л.* өзүн *бир нерсени* сонун билген эмедей кылып көрсөтүү; **вы́дать чужу́ю мысль за свою́** бирөөнүн оюн өзүнүкү кылып билдирүү; ◇ **вы́дать за́муж** күйөөгө берүү.

**ВЫ́ДАТЬСЯ** *сов.* 1. (*выступить*) чыгуу, уркуюп чыгуу; **усту́п скалы́ вы́дался вперёд** асканын тумшугу уркуюп чыгып турат; 2. *разг.* (*найтись, случиться*) болуу; **вы́дался со́лнечный день** күн ачык болуп турду; **вы́дался удо́бный слу́чай** ылайыктуу учур болду.

**ВЫ́ДАЧА** *ж.* 1. (*действие*) берүү; 2. (*разоблачение*) айгак болуп айтып коюу, бетин ачуу, билдирүү; 3. (*сумма, товар*) берилген акча (*же башка бир нерсе*).

**ВЫДАЮ́ЩИЙСЯ,** -аяся, -ееся 1. *прич. от* **выдава́ться;** 2. *прил.* көрүнүктүү, ашкан; **выдаю́щийся учёный** көрүнүктүү окумуштуу; **выдаю́щаяся побе́да** көрүнүктүү жеңиш.

**ВЫДВИГА́ТЬ** *несов. см.* **вы́двинуть.**

**ВЫДВИГА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́двинуться;** 2. *страд. к* **выдвига́ть.**

**ВЫДВИЖЕ́НЕЦ** *м.* ишке көтөрүлгөн (*жоопту, жетекчи ишке көтөрүлгөн алдыңкы жумушчу*).

**ВЫДВИЖЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*к избранию*) көрсөтүү; **выдвиже́ние в кандида́ты** кандидаттыкка көрсөтүү; 2. (*на должность и т. п.*) көтөрүү; **выдвиже́ние на руководя́щую рабо́ту** жетекчи кызматка көтөрүү; **выдвиже́ние молоды́х ка́дров** жаш кадрларды көтөрүү.

**ВЫДВИЖНО́Й,** -а́я, -о́е жылышма, жылдырма, суурма; **выдвижно́й я́щик** суурма ящик.

**ВЫ́ДВИНУТЬ** *сов.* 1. *что* (*выставить вперёд, вытащить*) илгери жылдыруу, тартып чыгаруу; **вы́двинуть стол на середи́ну ко́мнаты** столду бөлмөнүн ортосуна жылдыруу; **вы́двинуть я́щик стола́** столдун ящигин тартып чыгаруу; 2. *что, перен.* (*представить, привести*) келтирүү, коюу; **вы́двинуть доказа́тельство** далил келтирүү; **вы́двинуть обвине́ние** күнөө коюу; 3. *кого, перен.* (*предложить к избранию*) көрсөтүү; **вы́двинуть в кандида́ты** кандидаттыкка көрсөтүү; **вы́двинуть** *чью-л.* **кандидату́ру** *бирөөнүн* кандидатурасын көрсөтүү; 4. *кого, перен.* (*предложить для более ответственной работы*) көтөрүү; **вы́двинуть** *кого-л.* **на до́лжность ма́стера** *бирөөнү* мастерликке көтөрүү.

**ВЫ́ДВИНУТЬСЯ** *сов.* 1. (*продвинуться вперёд*) алга кетүү, алга барып орношуу, илгери жылуу; **пра́вый фланг не́сколько вы́двинулся** оң жаккы фланг бир аз алга кетти; 2. *перен.* (*отличиться, стать заметным*) көзгө көрүнүү, көрүнүктүү болуу.

**ВЫ́ДВОРИТЬ** *сов. кого, разг.* кууп чыгуу, айдап чыгуу.

**ВЫДВОРЯ́ТЬ** *несов. см.* **вы́дворить.**

**ВЫ́ДЕЛ** *м.* 1. (*действие*) бөлүү, бөлүп берүү, бөлүп чыгаруу, энчи бөлүү; **вы́дел иму́щества** мүлктү бөлүү; 2. (*выделенная часть*) энчи.

**ВЫ́ДЕЛАТЬ** *сов. что* иштеп чыгаруу, ийлөө; **вы́делать ко́жу** булгаары (тери, көн) ийлөө.

**ВЫДЕЛЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*из целого*) бөлүү, бөлүп чыгаруу, бөлүп берүү; **выделе́ние иму́щества** мүлк бөлүү; 2. *физиол.* чыгаруу (*действие*), чыгарылган, денеден чыккан нерсе; **выделе́ние по́та** тер чыгаруу; **гно́йные выделе́ния из ра́ны** жарадан чыккан ириң.

**ВЫ́ДЕЛИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*из целого*) бөлүү, бөлүп берүү, бөлүп чыгаруу, бөлүп чыгуу; **вы́делить уча́сток для строи́тельства** курулуш үчүн жер бөлүп берүү; 2. *что* (*оттенить*) ажыратуу (*ажыратуу үчүн башка шрифт менен жазуу*); **вы́делить текст курси́вом** текстти курсив менен ажыратуу; **вы́делить фра́зу** фразаны ажыратуу; 3. *кого, перен.* (*отметить*) белгилөө, белгилеп коюу; **вы́делить лу́чшую брига́ду** эң жакшы бригаданы белгилеп коюу; 4. *что, физиол.* чыгаруу; 5. *кого, уст.* (*отделить имущественно*) өзүнчө оокат кылуу үчүн бөлүп чыгаруу, энчи бөлүү.

**ВЫ́ДЕЛИТЬСЯ** *сов.* 1. (*отделиться*) бөлүнүү, бөлүнүп чыгуу; 2. *уст.* (*имущественно*) өзүнчө оокат кылуу үчүн бөлүнүп чыгуу; 3. (*отличиться*) белгиленүү; 4. *физиол.* чыгуу.

**ВЫ́ДЕЛКА** *ж.* 1. (*действие*) иштеп чыгаруу, ийлөө; **вы́делка ко́жи** булгаары (тери) ийлөө; 2. (*качество работы*) иштелиши, иштелүү сапаты; **хоро́шая вы́делка** иштелиши жакшы, иштелүү сапаты жакшы.

**ВЫДЕ́ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́делать.**

**ВЫДЕЛЯ́ТЬ** *несов. см.* **вы́делить.**

**ВЫДЕЛЯ́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́делиться;** 2. *страд. к* **выделя́ть.**

**ВЫ́ДЕРГАТЬ** *сов. что* сууруп салуу, жулуп салуу; **мы вы́дергали все сорняки́** биз отоо чөптөрдүн бардыгын жулуп салдык.

**ВЫДЁРГИВАТЬ** I *несов. см.* **вы́дергать.**

**ВЫДЁРГИВАТЬ** II *несов. см.* **вы́дернуть.**

**ВЫ́ДЕРЖАННОСТЬ** *ж.* 1. (*самообладание*) токтоолук, сабырдуулук, оор-басырыктуулук; **вы́держанность хара́ктера** мүнөздүн токтоолугу; 2. (*последовательность*) туруктуулук; **идеологи́ческая вы́держанность** идеологиялык жактан туруктуулук; 3. көпкө сакталып күчүнө келгендик; **вы́держанность вина́** винонун белгилүү бир убакка чейин сакталып күчүнө келгендиги.

**ВЫ́ДЕРЖАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вы́держать;** 2. *прил.* (*о человеке*) токтоо, сабырдуу, оор-басырыктуу; **вы́дер жанный хара́ктер** токтоо мүнөз; 3. *прил.* (*последовательный*) туруктуу; **вы́держанный стиль** туруктуу стиль; 4. *прил.* көпкө сакталып күчүнө келген; **вы́держанное вино́** көпкө сакталып күчүнө келген вино.

**ВЫ́ДЕРЖАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*устоять под тяжестью*) чыдай алуу, чыдоо, көтөрүү, көтөрө алуу; **э́тот лёд вы-**

www.bizdin.kg

**держит пешехо́дов** бул муз жөө өтүүчү кишилерди көтөрө алат; 2. *что* (*устоять перед испытанием; вытерпеть*) чыдоо, чыдай алуу, туруштук берүү, жеңилбөө, жеңип чыгуу; **вы́держать опера́цию** операцияга чыдоо; **он не вы́держал и запла́кал** ал чыдай албай, ыйлап жиберди; 3. *что* (*оказаться годным к чему-л.*) берүү, бере алуу, өтө алуу, өтүү; **вы́держать экза́мен** экзамен бере алуу; **самолёт вы́держал про́бные испыта́ния** самолёт сыноодон өттү (өтө алды); 4. *что* көпкө сактап күчүнө келтирүү; **вы́держать вино́** винону көпкө сактап күчүнө келтирүү; ◇ **вы́держать хара́ктер** сабырдуу болуу, токтоо болуу, өзүн токтоо кармоо; **вы́держать не́сколько изда́ний** бир нече ирет басылып чыгуу (*китеп жөнүндө*).

**ВЫДЕ́РЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́держать;** ◇ **э́то не вы́держивает кри́тики** начар, эч нерсеге жарабайт.

**ВЫ́ДЕРЖКА** I *ж.* 1. (*самообладание*) чыдам, чыдамдуулук, чыдамкай, чыдамкайлык, сабыр, өзүн өзү токтото алуучулук, сабырдуулук; **прояви́ть большу́ю вы́держку** абдан чыдамдуулук кылуу, аябаган сабырдуулукту көрсөтүү; 2. *фото* выдержка (*фотоаппараттын объективи ачык турган убакыт*).

**ВЫ́ДЕРЖКА** II *ж.* үзүндү (*бир текстиден алынган үзүндү*); **привести́ вы́держку из кни́ги** китептен үзүндү келтирүү; ◇ **взять на вы́держку** текстинин ичинен тандабай эле, бир үзүндүнү алып окуп берүү (*мисал үчүн*).

**ВЫ́ДЕРНУТЬ** *сов. что* сууруу, сууруп алуу, жулуу, жулуп алуу; **вы́дернуть зуб** тишти жулуу; **вы́дернуть гвоздь** мыкты сууруп алуу.

**ВЫДИРА́ТЬ** *несов. см.* **вы́драть** 1.

**ВЫ́ДОИТЬ** *сов.* саап бүтүү (*напр. корову*); саап алуу (*молоко*).

**ВЫ́ДОЛБИТЬ** *сов. что* 1. чуңкурайтып оюу, чаап оюу, чукуп тешүү; 2. *перен. разг.* (*выучить*) курулай жаттоо, текстинин маанисине түшүнбөй эле жаттап алуу.

**ВЫ́ДОХ** *м.* дем чыгаруу; **ме́дленный вы́дох** демди жай, акырын чыгаруу.

**ВЫ́ДОХНУТЬ** *сов. что* дем чыгаруу.

**ВЫ́ДОХНУТЬСЯ** *сов.* 1. (*потерять силу, запах, крепость*) жыты же күчү кетүү, жытын же күчүн жоготуу, эскирүү; 2. *перен. разг.* күчү кетүү, алдан таюу, күчүн жоготуу.

**ВЫ́ДРА** *ж. зоол.* 1. (*животное*) кундуз; 2. (*мех*) кундуз (*кундуздун териси*).

**ВЫ́ДРАТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*вырвать*) жыртып алуу, жулуп алуу; **вы́драть лист из тетра́ди** дептерден баракты жулуп алуу; 2. *кого* (*высечь*) сабоо, чыбык менен сабоо; ◇ **вы́драть за́ уши** кулактан чоюу.

**ВЫ́ДРЕССИРОВАТЬ** *сов. кого* үйрөтүү, машыктыруу; **вы́дрессировать щенка́** күчүктү үйрөтүү.

**ВЫ́ДУБИТЬ** *сов. что, тех.* жеткире ийлөө (*мис. терини*).

**ВЫДУВА́ТЬ** *несов. см.* **вы́дуть.**

**ВЫ́ДУВКА** *ж. тех.* үйлөп жасоо (*айнек буюмдарды*).

**ВЫДУВНО́Й, -а́я, -о́е** үйлөмө (*айнек идиш жөнүндө: үйлөп иштелген*).

**ВЫ́ДУМАННЫЙ, -ая, -ое** 1. *прич. от* **вы́думать;** 2. *прил.* ойлоп чыгарылган, калп; **вы́думанный слу́чай** калп, ойлоп чыгарылган окуя.

**ВЫ́ДУМАТЬ** *сов. что* 1. (*налгать*) калп нерсени ойлоп чыгаруу; 2. (*приду́мать, изобрести*) ойлоп чыгаруу, ойлоп табуу (*мис. машинаны*).

**ВЫ́ДУМКА** *ж.* 1. (*вымысел*) калп, жалган; **всё э́то одна́ вы́думка** мунун баары калп; 2. (*затея*) ойлоп чыгарылган нерсе; **он на вы́думки хитёр** ал бир нерсени ойлоп чыгарууга эң уста.

**ВЫ́ДУМЩИК** *м. разг.* 1. (*лгун*) калпычы, жалганчы; 2. (*затейник*) тамашакөй (*түрдүү оюнду ойлоп тапкыч киши*).

**ВЫ́ДУМЩИЦА** *женск. р. к* **вы́думщик.**

**ВЫДУ́МЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́думать;** ◇ **не выду́мывай!** жокту сүйлөбө!

**ВЫ́ДУТЬ** *сов. что* 1. айдап чыгаруу; **ве́тер вы́дул всё тепло́ из ко́мнаты** шамал үйдүн ичиндеги жылуулуктун баарын айдап чыгарды; 2. (*изготовить дутьём*) үйлөп жасоо; **вы́дуть стекля́нный шар** айнек шарды үйлөп жасоо; 3. *прост.* (*выпить всё, много*) шыпкап ичип коюу, баарын түп көтөрө ичип алуу.

**ВЫДЫХА́ТЕЛЬНЫЙ, -ая, -ое: выдыха́тельное движе́ние** дем чыгаруучу кыймыл.

**ВЫДЫХА́ТЬ** *несов. см.* **вы́дохнуть.**

**ВЫДЫХА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́дохнуться;** 2. *страд. к* **выдыха́ть.**

**ВЫЕДА́ТЬ** *несов. см.* **вы́есть.**

**ВЫ́ЕДЕННЫЙ, -ая, -ое** *прич. от* **вы́есть;** ◇ **э́то не сто́ит вы́еденного яйца́** *погов.* бул сокур тыйынга да турбайт (арзыбайт).

**ВЫ́ЕЗД** *м.* 1. (*действие*) чыгуу, баруу, жөнөө; 2. (*место*) чыга бериш жер; **на вы́езде из го́рода** шаардан чыга бериш жерде; 3. *уст.* (*экипаж с лошадьми*) ат чегилген араба, ат-араба.

**ВЫ́ЕЗДИТЬ** *сов. кого* үйрөтүү, минип үйрөтүү, арабага үйрөтүү (*атты*).

**ВЫ́ЕЗДКА** *ж.* үйрөтүү, минип үйрөтүү, арабага үйрөтүү (*атты*).

**ВЫЕЗДНО́Й, -а́я, -о́е: выездна́я се́ссия суда́** соттун сыртка чыгып өткөргөн сессиясы.

**ВЫЕЗЖА́ТЬ** I *несов.* 1. *см.* **вы́ехать;** 2. *на ком-чём, перен. разг.* өзү үчүн башканы иштетип коюу, өз ишин башканын мойнуна жүктөп коюу, башка кишинин эсебинен жашоо.

**ВЫЕЗЖА́ТЬ** II *несов. см.* **вы́ездить.**

**ВЫ́ЕМКА** *ж.* 1. (*действие*) алуу (*бир нерсенин ичинен алуу, мис. катты почта ящигинен алуу*); 2. (*вырез*) оюк; оюп алынган орун (жер); **вы́емка для рукава́** жеңдин оюгу; 3. (*углубление*) чуңкур; **глубо́кая вы́емка** терең чуңкур.

**ВЫ́ЕСТЬ** *сов. что* 1. (*выгрызть*) ичин оюп жеш; 2. (*об едких веществах*) жеп жиберүү (*мис. кислота боёкту*); ◇ **глаза́ вы́ело (ды́мом, мы́лом)** *разг.* (түтүн, самын) көздү ачыштырып жиберди.

**ВЫ́ЕХАТЬ** *сов.* чыгып кетүү, жөнөп кетүү, кетүү, жөнөө; **вы́ехать на да́чу** дачага чыгып кетүү (жөнөп кетүү).

**ВЫ́ЖАТЬ** I *сов. что* 1. сыгуу, сыгып чыгаруу; **вы́жать лимо́н** лимонду сыгуу; **вы́жать бельё** кирди сыгуу; **вы́жать сок из грана́та** анардын ширесин сыгып чыгаруу; 2. *перен.* аябай эзүү; 3. *спорт.* оордукту көтөрүү; **он ле́вой руко́й вы́жал пятьдеся́т килогра́ммов** ал сол колу менен элүү килограммды көтөрдү.

**ВЫ́ЖАТЬ** II *сов. что, с.-х.* (*сжать*) оруп бүтүү.

**ВЫ́ЖДАТЬ** *сов. кого-что* күтүү, күтүп жүрүү, оңтоюн күтүү; **вы́ждать удо́бный слу́чай** оңтойлуу учурду күтүп жүрүү.

**ВЫ́ЖЕЧЬ** *сов. что* 1. (*истребить огнём, жаром*) күйгүзүп жоюу; 2. (*очистить обжиганием*) өрттөп тазалоо, күйгүзүп тазалоо; **вы́жечь тру́бы** трубаны өрттөп тазалоо; 3. (*сделать знак*) кааруу; **вы́жечь клеймо́** каарып тамга салуу.

**ВЫ́ЖЖЕННЫЙ, -ая, -ое** *прич. от* **вы́жечь; вы́жженная со́лнцем степь** күн күйгүзүп жиберген талаа.

**ВЫЖИВА́НИЕ** *ср.* жашоо, тириликте калуу.

**ВЫЖИВА́ТЬ** *несов. см.* **вы́жить.**

**ВЫ́ЖИГА** *м. и ж. разг.* аябаган алдамчы, митаам, алчы-таасын жеген алдамчы.

**ВЫЖИГА́НИЕ** *ср.* 1. өрттөө; 2. (*знака*) каарып (күйдүрүп) оюу, тамга салуу.

**ВЫЖИГА́ТЬ** *несов. см.* **вы́жечь;** ◇ **выжига́ть по де́реву** жыгачтын бетине каарып сүрөт салуу.

www.bizdin.kg

**ВЫЖИДА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **выжида́тельная по́за** күткөн кебете; **выжида́тельная поли́тика** күтүп туруу саясаты (*оңтойлуу учурду күтүп иш кылууга багытталган саясат*).

**ВЫЖИДА'ТЬ** *несов. см.* **вы́ждать.**

**ВЫЖИМА'НИЕ** *ср.* 1. сыгуу; 2. *спорт.* оордукту көтөрүү.

**ВЫЖИМА'ТЬ** *несов. см.* **вы́жать I.**

**ВЫ'ЖИМКА** *ж. разг.* сыгуу; **вы́жимка белья́** кирди сыгуу.

**ВЫ'ЖИМКИ** *мн.* сыгынды, чөбөгө; күлжара, топ; **конопля́ные вы́жимки** кара куурайдын күлжарасы; **виногра́дные вы́жимки** жүзүмдүн чөбөгөсү.

**ВЫЖИНА'ТЬ** *несов. см.* **вы́жать II.**

**ВЫ'ЖИТЬ** *сов.* 1. (*остаться в живых*) жашоо, тирүү калуу; 2. *кого, разг.* (*выгнать, выселить*) кодулап кетирүү, кетүүгө мажбур кылуу, кууп жиберүү; ◇ **вы́жить из ума́** *разг.* алжуу, алжып калуу (*картайгандыктан*).

**ВЫ'ЗВАТЬ** *сов.* 1. *кого* (*позвать, пригласить, потребовать*) чакырып чыгуу, чакырып алуу, чакыруу; **вы́звать това́рища из ко́мнаты** жолдошун бөлмөдөн чакырып чыгуу; **вы́звать врача́** врачты чакыруу; **вы́звать ученика́ к доске́** окуучуну доскага чакыруу; **вы́звать в суд** сотко чакыруу; 2. *кого* (*призвать к чему-л.*) чакыруу; **вы́звать на социалисти́ческое соревнова́ние** социалисттик мелдешке чакыруу; 3. *что* (*возбудить, породить*) келтирүү; **вы́звать смех** күлкү келтирүү; **вы́звать гнев** ачуусун келтирүү; **вы́звать аппети́т** тамак жегисин келтирүү; ◇ **вы́звать на открове́нность** сырын айтып берүүгө мажбур кылуу; **вы́звать на разгово́р** сүйлөшүүгө мажбур кылуу.

**ВЫ'ЗВАТЬСЯ** *сов.* өзү каалап алуу, өз ынтасы менен макул болуу; **вы́зваться помо́чь** *кому-л.* өз ынтасы менен бирөөгө жардам кылууга макул болуу.

**ВЫ'ЗВЕЗДИТЬ** *сов. безл.*: **вы́звездило** асмандан көп жылдыз көрүндү.

**ВЫ'ЗВОЛИТЬ** *сов. кого-что, разг.* куткаруу; **вы́зволить** *кого-л.* **из беды́** *бирөөнү* балаадан куткаруу.

**ВЫЗВОЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́зволить.**

**ВЫЗДОРА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́здороветь.**

**ВЫЗДОРА'ВЛИВАЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **выздора́вливать;** 2. *в знач. сущ. м., ж.* айыгып келе жаткан.

**ВЫ'ЗДОРОВЕТЬ** *сов.* айыгуу, сакаюу.

**ВЫЗДОРОВЛЕ'НИЕ** *ср.* айыгуу, сакаюу.

**ВЫ'ЗОВ** *м.* 1. (*приглашение, требование*) чакыруу; **вы́зов врача́** врачты чакыруу; **вы́зов по телефо́ну** телефон аркылуу чакыруу; **вы́зов в суд** сотко чакыруу; 2. (*явочный документ*) чакырык, чакыруу кагаз; **яви́ться с вы́зовом на рука́х** чакыруу кагазы менен келүү; 3. (*призыв*) чакыруу; **вы́зов на социалисти́ческое соревнова́ние** социалисттик мелдешке чакыруу; ◇ **бро́сить вы́зов** эрегишке чакыруу.

**ВЫ'ЗОЛОТИТЬ** *сов. что* алтындоо, алтындын буусуна кармоо.

**ВЫЗРЕВА'НИЕ** *ср.* бышуу.

**ВЫЗРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́зреть.**

**ВЫ'ЗРЕТЬ** *сов.* бышуу (*дан, жемиш, өсүмдүк*).

**ВЫЗУ'БРИВАТЬ** *несов. см.* **вы́зубрить.**

**ВЫ'ЗУБРИТЬ** *сов. что, разг.* маанисине түшүнбөй жаттоо (жаттап алуу).

**ВЫЗЫВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́звать.**

**ВЫЗЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́зваться;** 2. *страд. к* **вызыва́ть.**

**ВЫЗЫВА'ЮЩЕ** *нареч.*: **он ведёт себя́ вызыва́юще** аны көргөндүн кыжыры кайнайт.

**ВЫЗЫВА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **вызыва́ть;** 2. *прил.* кыжырга тийүүчү, кыжырга тие турган, ачууну келтире турган, ачууну келтирүүчү; **вызыва́ющий вид** элдин кыжырын кайната турган түр (кебете).

**ВЫ'ИГРАТЬ** *сов. что* 1. (*по займу*) утуу, утуп алуу; 2. (*в игре, состязании*) утуу, утуп алуу, жеңүү, жеңип алуу; **вы́играть па́ртию в ша́хматы** шахмат ойноп, утуп алуу; 3. (*одержать верх*) жеңүү, жеңип алуу, жеңип чыгуу; **вы́играть войну́** согушта жеңип алуу; 4. (*выгадать*) үнөм кылып алуу; **вы́играть вре́мя** убакытты үнөм кылып алуу; ◇ **вы́играть во мне́нии коллекти́ва** өзү тууралуу коллективде жакшы пикир калтыруу.

**ВЫИ'ГРЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́играть.**

**ВЫ'ИГРЫШ** *м.* 1. (*по займу*) утуу, утуш; **кру́пный вы́игрыш** ири утуш; 2. (*в игре, состязании*) утуу, жеңүү; **доби́ться вы́игрыша** жеңишке жетишүү; ◇ **быть в вы́игрыше** 1) жеңип чыгуу, жеңишке жетишүү; 2) *перен. бир нерседен* пайда табуу, артыкчылыкка ээ болуу.

**ВЫ'ИГРЫШНЫЙ,** -ая, -ое 1. ута турган; **вы́игрышный заём** ута турган заём; 2. (*обеспечивающий выигрыш*) жеңүүнү, утууну камсыз кылган; **вы́игрышный ход** утууну камсыз кылган жүрүш; 3. *перен.* (*выгодный*) пайдалуу, оңтойлуу; **вы́игрышное положе́ние** оңтойлуу, пайдалуу абал.

**ВЫ'ИСКАТЬ** *сов. кого-что* издөө, издеп табуу.

**ВЫ'ИСКАТЬСЯ** *сов. разг.* табылуу; **вы́искалось мно́го жела́ющих отпра́виться в экспеди́цию** экспедицияга барууну каалоочулар көп табылды.

**ВЫ'ЙТИ** *сов.* 1. (*уйти*) чыгуу; **вы́йти из до́ма** үйдөн чыгуу; **он вы́шел в сад** ал бакка чыкты; 2. (*выбыть*) чыгуу; **вы́йти из стро́я** 1) *воен.* стройдон чыгуу; 2) *перен.* катардан чыгуу (*о ком-л.*); керектен чыгуу, колдонууга жарабай калуу (*о чём-л.*); **вы́йти из соста́ва коми́ссии** комиссиянын составынан чыгуу; **вы́йти в отста́вку** отставкага чыгуу; 3. (*о социальном происхождении*) чыгуу; **он вы́шел из ра́бочей семьи́** ал жумушчу үй-бүлөсүнөн чыккан; **он вы́шел из наро́да** ал элден чыккан; 4. *разг.* (*израсходоваться*) түгөнүү; **у меня́ вы́шла вся бума́га** менин кагазымдын баары түгөндү; 5. *разг.* (*получиться*) чыгуу, болуп чыгуу; **портре́т вы́шел хорошо́** портрет жакшы болуп чыкты; **из него́ вы́шел прекра́сный рабо́тник** ал сонун кызматчы болуп чыкты; **докла́д вы́шел сли́шком дли́нным** доклад өтө эле узун болуп чыкты; 6. (*произойти, получиться*) болуп туруу, болуп чыгуу; **отсю́да и вы́шли все недоразуме́ния** бардык чатак ушундан келип чыкты; **из э́того ничего́ не вы́шло** мындан эч нерсе чыкпай калды; ◇ **вы́йти за́муж** күйөөгө чыгуу; **вы́йти из употребле́ния** колдонуудан чыгып калуу; **вы́йти из положе́ния** жолун табуу; **вы́йти из терпе́ния** чыдамын жоготуу; **вы́йти из повинове́ния** баш ийбей коюу, моюн сунбоо; **вы́йти из себя́** аябай ачуулануу, күйкөлөктөнүү; **вы́йти из головы́ (из па́мяти)** эстен чыгып кетүү; **вы́йти из берего́в** ташып жайпоо; **вы́йти из-под пера́** *бирөөнүн* калеминен чыгуу; **вы́йти в лю́ди** киши болуу, адам болуу; **вы́йти в тира́ж** 1) (*об облигации*) тиражга чыгуу, тиражда болуу; 2) *перен.* мурдагы кадырын кетирүү, жараксыз болуп калуу, эскирип калуу, баасын жоготуп коюу.

**ВЫ'КАЗАТЬ** *сов. что* көрсөтүү; **вы́казать хра́брость** эрдик көрсөтүү.

**ВЫКА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́казать.**

**ВЫКА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́колоть.**

**ВЫКА'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́копать.**

**ВЫ'КАРАБКАТЬСЯ** *сов. разг.* 1. тырмышып чыгуу; **вы́карабкаться из я́мы** чуңкурдан тырмышып чыгуу; 2. *перен.* кутулуу, кыйынчылык менен кутулуу (*кыйын иштен*).

**ВЫКА'РМЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́кормить.**

**ВЫ'КАТИТЬ** *сов. что* тоголотуп чыгаруу, теңеретип чыгаруу; **вы́катить бо́чку из подва́ла** бочканы подвалдан тоголотуп чыгаруу; ◇ **вы́катить глаза́** *разг.* көзүн акырайтуу, көзүн чакырайтуу.

**ВЫ'КАТИТЬСЯ** *сов.* тоголонуп чыгуу, теңеренип чыгуу.

www.bizdin.kg

**ВЫКА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́катить.**

**ВЫКА'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́катиться;** 2. *страд. к* **выка́тывать.**

**ВЫ'КАЧАТЬ** *сов. что* тартып (сордуруп) бүтүрүү; **вы́качать во́ду насо́сом** сууну насос менен тартып бүтүрүү; ◇ **вы́качать де́ньги** *разг.* акчасын аз-аздан кагып алуу.

**ВЫКА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́качать.**

**ВЫКА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **вы́косить.**

**ВЫКИ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́кинуть.**

**ВЫ'КИДЫШ** *м.* 1. бойдон түшүрүү, бойдон түшүү; 2. (*недоношенный ребёнок*) бойдон түшкөн бала.

**ВЫ'КИНУТЬ** *сов.* 1. *кого-что* ыргытып таштоо, ыргытып жиберүү, өчүрүп таштоо, алып таштоо, чыгарып таштоо; 2. *что, разг.* (*проделать*) чыгара коюу; **вы́кинуть штю́ку** бир өзгөчө иш чыгара коюу, укмуштуу бир нерсе чыгара салуу; 3. *разг.* (*преждевременно родить*) бойдон түшүрүү; ◇ **вы́кинуть из головы́** ойдон чыгарып таштоо, мындан ары ал тууралу такыр ойлобой коюу.

**ВЫКИПА'ТЬ** *несов. см.* **вы́кипеть.**

**ВЫ'КИПЕТЬ** *сов.* кайнап азаюу, кайнап соолуу, кайнап түгөнүү.

**ВЫ'КИПЯТИТЬ** *сов. что* кайнатып алуу, кайнатуу; **вы́кипятить бельё** кирди кайнатып алуу.

**ВЫКИСА'ТЬ** *несов. см.* **вы́киснуть.**

**ВЫ'КИСНУТЬ** *сов.* (*о тесте*) ачуу, ачып кычкыл болуу.

**ВЫ'КЛАДКА** *ж. чаще мн* (*результат вычислений*) эсептөө, эсеп чыгаруу; **математи́ческие вы́кладки** математикалык эсептөөлөр.

**ВЫКЛА'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́ложить;** ◇ **выкла́дывай всё по поря́дку** *разг.* ичиңдеги бардык сырыңды айт, билгениңдин бардыгын калтырбай айт.

**ВЫ'КЛЕВАТЬ** *сов. что* 1. (*вырвать клювом*) чокуп чыгаруу, чыгара чокуу; 2. (*склевать всё*) чокуп жеп түгөтүү.

**ВЫКЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́клевать.**

**ВЫКЛИКА'ТЬ** *несов. см.* **вы́кликнуть.**

**ВЫ'КЛИКНУТЬ** *сов. кого-что* атын атап чакыруу; **вы́кликнуть по спи́ску** тизмеден атын атап чакыруу.

**ВЫ'КЛЮНУТЬ** *однокр. см.* **вы́клевать.**

**ВЫКЛЮЧА'ТЕЛЬ** *м.* выключатель (*электр тогун өчүрүүчү жана жандыруучу, башкача айтканда, токту токтотуучу жана жиберүүчү прибор*).

**ВЫКЛЮЧА'ТЬ** *несов. см.* **выключить.**

**ВЫКЛЮЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́ключиться;** 2. *страд. к* **выключа́ть.**

**ВЫКЛЮЧЕ'НИЕ** *ср.* токтотуу, өчүрүү; **автомати́ческое выключе́ние то́ка** токту автоматтуу токтотуу; **выключе́ние мото́ра** моторду токтотуу.

**ВЫ'КЛЮЧИТЬ** *сов.* 1. *что* үзүп салуу, өчүрүү; **вы́ключить (электри́ческий) свет** электр жарыгын өчүрүү; **вы́ключить телефо́н** телефонду үзүп салуу; 2. *кого-что* (*исключить*) чыгаруу, өчүрүү; **вы́ключить из спи́ска** тизмеден чыгаруу, тизмеден өчүрүү; 3. *что, полигр.* тегиздеп бүтүү, аягына чыгуу; **вы́ключить строку́** терилген жолду тегиздеп бүтүү.

**ВЫ'КЛЮЧИТЬСЯ** *сов.* токтолуп калуу; өчүп калуу (*об электричестве*).

**ВЫКЛЯ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́клянчить.**

**ВЫ'КЛЯНЧИТЬ** *сов. что, разг.* ызыңдап сурай берүү, ызыңдап сурай берип алуу, жалдырап сурап жатып алуу, жалынып-жалбарып жатып сурап алуу.

**ВЫ'КОВАТЬ** *сов. что* 1. согуу, согуп жасоо; **вы́ковать подко́ву** таканы согуп жасоо; 2. *перен.* тарбиялап өстүрүү, тарбиялоо, кайраттуу кылып тарбиялоо; **вы́ковать ка́дры** кадрларды кайраттуу кылып тарбиялоо.

**ВЫ'КОВАТЬСЯ** *сов.* тарбиялануу, тарбияланып өсүү, кайраттуу болуп тарбиялануу.

**ВЫКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́ковать.**

**ВЫКОВЫ'РИВАТЬ** *несов. см.* **вы́ковырять.**

**ВЫ'КОВЫРНУТЬ** *однокр. см.* **вы́ковырять.**

**ВЫ'КОВЫРЯТЬ** *сов. что* чукуп чыгаруу.

**ВЫКОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́колотить.**

**ВЫ'КОЛОСИТЬСЯ** *сов.* баш алуу, машак байлоо, дан байлоо, дан алуу.

**ВЫ'КОЛОТИТЬ** *сов. что* 1. (*выбить*) кагып чыгаруу; **вы́колотить клин** шынааны кагып чыгаруу; 2. (*колотя очистить*) кагуу, күбүү; **вы́колотить ковёр** килемди кагуу, килемди күбүү; **вы́колотить тру́бку** канжаны кагып тазалоо; 3. *перен. разг.* (*получить насильно*) күч менен кагып алуу, күч менен пайда табуу.

**ВЫ'КОЛОТЬ** *сов. что* чукуу, сайып чукуу; ◇ **темно́ хоть глаз вы́коли** *разг.* көзгө сайса көрүнгүс.

**ВЫ'КОПАТЬ** *сов.* 1. *что* (*вырыть*) казуу, казып чуңкурайтуу; **вы́копать коло́дец** кудук казуу; 2. *что* (*откопать*) казып чыгаруу, казып алуу; **вы́копать карто́фель** картөшкөнү казып алуу *же* казып бүтүү, 3. *кого-что, перен. разг.* таап алуу, табуу; **отку́да ты вы́копал таку́ю ре́дкую кни́гу?** бул сейрек учуроочу китепти сен кайдан таап алдың?

**ВЫ'КОРМИТЬ** *сов. кого* багуу, оокаттандыруу, асыроо, багып өстүрүү, эмизүү, тарбиялап өстүрүү; **вы́кормить гру́дью ребёнка** баланы эмчек эмизип багуу; **вы́кормить кро́ликов** кроликтерди багуу.

**ВЫ'КОРЧЕВАТЬ** *сов. что* 1. тамырын жулуп салуу, омкоруу, казып омкоруу; **вы́корчевать пни** дүмүрлөрдү казып омкоруп салуу; 2. *перен.* тамырын жоюу, тамырын соолтуу, түп тамырынан бери жоготуу (жоюу).

**ВЫКОРЧЁВЫВАНИЕ** *ср.* 1. тамырын жулуп салуу, омкоруу, казып омкоруу; 2. *перен* тамырын жоюу, тамырын соолтуу, түп-тамырынан бери жоготуу (жоюу).

**ВЫКОРЧЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́корчевать.**

**ВЫ'КОСИТЬ** *сов. что* чаап бүтүрүү; **вы́косить луг** чөптү чаап бүтүрүү.

**ВЫКРА'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́красть.**

**ВЫКРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **вы́кроить.**

**ВЫ'КРАСИТЬ** *сов. что* боёо, сырдоо.

**ВЫ'КРАСТЬ** *сов. кого-что* уурдап алуу.

**ВЫКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **вы́красить.**

**ВЫКРА'ШИВАТЬСЯ** *несов. см.* **вы́крошиться.**

**ВЫ'КРИК** *м.* бакырык, кыйкырык, айкырык.

**ВЫКРИ'КИВАТЬ** *несов. см.* **вы́крикнуть.**

**ВЫ'КРИКНУТЬ** *сов. что* кыйкырып айтуу, кыйкырып чакыруу; **вы́крикнуть чьё-л. и́мя** бирөөнүн атын кыйкырып айтуу.

**ВЫ'КРИСТАЛЛИЗОВАТЬСЯ** *сов.* 1. *хим.* кристаллдануу, кристаллга айлануу; 2. *перен.* дааналануу, айкындануу.

**ВЫКРИСТАЛЛИЗО'ВЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **вы́кристаллизоваться.**

**ВЫ'КРОИТЬ** *сов. что* 1. бычуу (*кийим*); **вы́кроить брю́ки** шым бычуу; 2. *перен.* үнөмдөө, арттыруу, кыйыштыруу; **вы́кроить вре́мя** эптеп убакыт табуу.

**ВЫ'КРОЙКА** *ж.* кийимдин үлгүсү; **снять вы́кройку** кийимдин үлгүсүн алуу.

**ВЫ'КРОШИТЬСЯ** *сов.* кетилүү; **зу́бы вы́крошились** тиштер кетилди.

**ВЫКРУТА'СЫ** *только мн., разг.* 1. (*затейливые телодвижения*) шамдагай кыймыл денени кубулжутуп кыймылдатуу; 2. *перен.* ойкуштантуу, оштонтуу; **говори́ть с выкрута́сами** оштонтуп сүйлөө; **по́черк с выкрута́сами** ойкуштаган почерк.

**ВЫ'КРУТИТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*вывинтить*) бурап чыгаруу; **вы́крутить ла́мпочку** лампочканы бурап чыгаруу; 2. (*выжать*) сыгуу, толгоп сыгуу, бурап сыгуу; **вы́крутить мо́крое бельё** суу кирди толгоп сыгуу.

**ВЫ'КРУТИТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*вывинтиться*) буралып чыгуу; 2. *перен.* бир амал менен кутулуу.

www.bizdin.kg

**ВЫКРУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́крутить.**

**ВЫКРУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́крутиться;** 2. *страд. к* **выкру́чивать.**

**ВЫ'КУП** *м.* 1. *чего* төлөп кайта алуу (*күрөөгө койгон нерсени, акчасын төлөп, кайта алуу*); **пра́во вы́купа земли́** *ист.* крепостнойлордун помещиктен, акчасын төлөп, жерди жеке менчикке алуу укугу; 2. *кого, уст.* кәлөп кутказып (куткарып) алуу (*мис. туткундан*); 3. (*плата*) кутказып (куткарып) алуу акысы.

**ВЫ'КУПАТЬ** *сов. кого-что* кириитүү, суугa түшүрүү, чөмүлтүү, куюндуруу (*напр. ребёнка*); суугa салуу (*животных*); **вы́купать ребёнка** баланы кириитүү.

**ВЫКУПА'ТЬ** *несов. см.* **вы́купить.**

**ВЫ'КУПАТЬСЯ** *сов.* кириңүү, суугa түшүү, чөмүлүү, куюнуу, жуунуу.

**ВЫ'КУПИТЬ** *сов.* 1. *что* (*заложенные вещи*) төлөп кайта алуу (*күрөөгө койгон нерсени, акчасын төлөп, кайта алуу*); 2. *кого, уст.* төлөп кутказып (куткарып) алуу; **вы́купить из плена** төлөп туткундан кутказып алуу.

**ВЫКУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **вы́курить.**

**ВЫ'КУРИТЬ** *сов.* 1. *что* (*папиросу, табак*) тартып бүтүрүү, тартып түгөтүү; 2. *что* (*добыть перегонкой*) тартуу; 3. *кого-что* (*выгнать дымом*) ыштоо, түтөтүү; ыштап, чыгууга мажбур кылуу; **вы́курить лису́ из норы́** түлкүнү ийининен ыштап чыгаруу; 4. *кого, перен. разг.* (*выпроводить*) амалын таап кетирүү, амалын табуу; **вы́курить** *кого-л.* **из дому** *бирөөнү* үйдөн амалын таап кетирүү.

**ВЫЛА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́ловить.**

**ВЫ'ЛАЗКА** *ж.* 1. *воен.* вылазка, чыгыш (*камалып жаткандардын камоочуларга каршы кол салышы*); **сде́лать вы́лазку** вылазка жасоо; 2. *перен.* каршы чыгуу; 3. *спорт.* вылазка (*уюшкан түрдө лыжа менен сайранга чыгуу*).

**ВЫ'ЛАКАТЬ** *сов. что* шалпылдатып ичип бүтүрүү (*мис. мышык, ит жөнүндө*).

**ВЫЛА'МЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́ломать.**

**ВЫ'ЛЕЖАТЬ** *сов. разг.* жатуу (*бир нече убакытка чейин жатуу*), **больно́й вы́лежал в посте́ли це́лую неде́лю** оору бир жумага чейин төшөктө жатты.

**ВЫ'ЛЕЖАТЬСЯ** *сов. разг.* 1. жатып эс алуу, жатып оңолуу; **вам на́до вы́лежаться** сизге жатып эс алыш керек; 2. (*дозреть*) жатып бышуу, тура берип жетилүү (*мис. үзгөн алма*).

**ВЫЛЁЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́лежать.**

**ВЫЛЁЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **вы́лежаться.**

**ВЫЛЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **вы́лезть.**

**ВЫ'ЛЕЗТИ** *сов. см.* **вы́лезть.**

**ВЫ'ЛЕЗТЬ** *сов.* 1. чыгуу, араң чыгуу, зорго чыгуу; **вы́лезть из я́мы** чуңкурдан араң чыгуу; 2. (*выпасть*) түшүү, жыдуу; **во́лосы вы́лезли** чач түштү; 3. *разг.* (*неуместно выступить*) кыпчылуу, кийлигишүү, озунуу.

**ВЫ'ЛЕПИТЬ** *сов. кого-что* жууруп жасоо, ыптап жасоо, чаптап жасоо, жабыштырып жасоо; **вы́лепить** *что-л.* **из гли́ны** топурактан жууруп *бир нерсе* жасоо.

**ВЫ'ЛЕТ** *м.* учуп чыгуу, учуу; **боево́й вы́лет самолёта** самолёттун согуштук учушу.

**ВЫЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **вы́лететь.**

**ВЫ'ЛЕТЕТЬ** *сов.* 1. учуп чыгуу, учуу; **пти́ца вы́летела из гнезда́** куш уясынан учуп чыкты; **самолёт вы́летел у́тром** самолёт эртең менен учту; 2. *разг.* (*выпасть*) чыгып калуу, түшүп калуу, ыргып кетүү; **листо́к вы́летел из кни́ги** китептен бир барак түшүп калды; 3. (*стремительно выбежать, выехать*) жүгүрүп чыгуу, чуркап чыгуу, чыга түшүү; ◇ **вы́лететь из головы́** *разг.* эстен чыгып кетүү.

**ВЫЛЕ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́лечить.**

**ВЫЛЕ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́лечиться;** 2. *страд. к* **выле́чивать.**

**ВЫ'ЛЕЧИТЬ** *сов. кого-что* айыктыруу, сакайтуу.

**ВЫ'ЛЕЧИТЬСЯ** *сов.* дарыланып айыгуу.

**ВЫЛИВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́лить.**

**ВЫЛИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́литься;** 2. *страд. к* **вылива́ть.**

**ВЫ'ЛИЗАТЬ** *сов. что* жалап бүтүрүү.

**ВЫЛИ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́лизать.**

**ВЫ'ЛИНЯТЬ** *сов.* 1. (*поблёкнуть*) оңуу, өңү өчүү; 2. (*о животных, птицах*) түлөө.

**ВЫ'ЛИТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вы́лить;** 2. *прил.* (*похожий*) союп каптагандай, коёндон окшош.

**ВЫ'ЛИТЬ** *сов. что* 1. (*жидкость*) төгүү, төгүп таштоо; 2. (*отлить из металла*) куюу, куюп жасоо.

**ВЫ'ЛИТЬСЯ** *сов.* 1. *из чего* (*вытечь*) төгүлүү; 2. *во что, перен.* (*принять вид, выразиться*) түргө айлануу, түрүн алуу; **во что э́то вы́льется?** бул эмне болуп чыгар экен?, бул эмнеге алып барар экен?

**ВЫ'ЛОВИТЬ** *сов. кого-что* 1. (*извлечь*) кармоо, кармап алуу; 2. (*переловить*) баарын кармоо, кармап түгөтүү, кармай берип тукумун курут кылуу, кармап аягына чыгуу; **вы́ловить всю ры́бу в пруду́** көлмөдөгү балыктын баарын кармап түгөтүү.

**ВЫ'ЛОЖИТЬ** *сов. что* 1. (*вынуть*) чыгарып коюу; 2. *перен. разг.* (*высказать*) ичиндеги бардык сырын айтуу; 3. *чем* (*покрыть*) төшөө; **вы́ложить мостову́ю булы́жником** көчөгө таш төшөө.

**ВЫ'ЛОМАТЬ** *сов. что* сындырып чыгаруу, бузуп чыгаруу, талкалап чыгаруу, кыйратып чыгаруу.

**ВЫ'ЛОЩЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вы́лощить;** 2. *прил. перен. разг.* (*щеголеватый*) сыланган, какайган, чыкырайган, какырайган.

**ВЫ'ЛОЩИТЬ** *сов. что* жылтыратуу.

**ВЫ'ЛУДИТЬ** *сов. что* калай менен чайкап түзөтүү (*мис. самоорду*).

**ВЫЛУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́лудить.**

**ВЫ'ЛУПИТЬ** *сов.*: **вы́лупить гла́за** *разг.* көздү чакчайтуу, көзүн акырайтуу, көзүн чакырайтуу.

**ВЫ'ЛУПИТЬСЯ** *сов.* (*о птенцах*) жумурткадан жарылып чыгуу.

**ВЫЛУПЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **вы́лупиться.**

**ВЫЛУ'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **вы́лущить.**

**ВЫ'ЛУЩИТЬ** *сов. что* (*очистить от шелухи*) кабыгынан ажыратуу, актоо (*мис. таруунy*).

**ВЫ'МАЗАТЬ** *сов.* 1. *что* (*обмазать, покрыть чем-л.*) шыбоо, шыбап майлоо; 2. *кого-что, разг.* (*выпачкать*) булгоо, булгап алуу.

**ВЫ'МАЗАТЬСЯ** *сов. чем, в чём, разг.* булгануу, булганып алуу.

**ВЫМА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́молить.**

**ВЫМА'НИВАТЬ** *несов. см.* **вы́манить.**

**ВЫ'МАНИТЬ** *сов.* 1. *что* (*получить хитростью*) айла менен алуу, алдап алуу; **вы́манить обеща́ние** алдап убадасын алуу; 2. *кого* (*хитростью заставить выйти*) алдап чыгаруу, азгырып чыгаруу.

**ВЫ'МАРАТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*запачкать*) булгоо; 2. (*зачеркнуть*) жазылганды өчүрүү.

**ВЫМА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́мотать.**

**ВЫМА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́мочить.**

**ВЫМЕ'НИВАТЬ** *несов. см.* **вы́менять.**

**ВЫ'МЕНЯТЬ** *сов. кого-что* айырбаштоо, айырбаш кылуу, алмаштыруу, алмашуу.

**ВЫ'МЕРЕТЬ** *сов.* 1. тукум курут болуу, кырылуу, кырылып бүтүү, өлүп бүтүү; 2. *перен.* (*обезлюдеть, опустеть*) бош калуу, элсиз калуу, ээн калуу; **го́род вы́мер** шаар ээн калды.

**ВЫМЕРЗА'НИЕ** *ср.* үшүп кетүү, үшүк алуу, үшүк уруу.

**ВЫ'МЕРЗНУТЬ** *сов.* үшүп кетүү, үшүк алуу, үшүк уруу; **фрукто́вые дере́вья вы́мерзли** мөмө жыгачтар үшүп кетти.

**ВЫ'МЕРИТЬ** *сов. что* өлчөө, ченөө.

**ВЫМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́мерить.**

www.bizdin.kg

**ВЫ'МЕСИТЬ** *сов. что* жууруу (*мис. камырды*).
**ВЫ'МЕСТИ** *сов. что* шыпыруу.
**ВЫ'МЕСТИТЬ** *сов. что на ком-чём* өч алуу, кек алуу, ызасын алуу; **вы́местить зло́бу** *на ком-чём-л. биреөден же бир нерседен* өчүн алуу.
**ВЫ'МЕТАТЬ** *сов. что* (*петли*) тордоо (*топчулукту*).
**ВЫМЕТА'ТЬ** *несов. см.* **вы́мести.**
**ВЫМЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **вы́местить.**
**ВЫМИРА'НИЕ** *ср.* тукум курут болуу, кырылуу, өлүп түгөнүү.
**ВЫМИРА'ТЬ** *несов. см.* **вы́мереть.**
**ВЫМОГА'ТЕЛЬ** *м.* опузалап (коркутуп) алуучу (*айтамын, сырыңды ачамын деп*).
**ВЫМОГА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **вымога́тель.**
**ВЫМОГА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* опузалап (коркутуп) алуу.
**ВЫМОГА'ТЬ** *несов. что* опузалап (коркутуп) алуу; бербеген оюна койбой жатып сурап алуу; **вымога́ть де́ньги** акчаны асылып жатып сурап алуу.
**ВЫМОКА'ТЬ** *несов. см.* **вы́мокнуть.**
**ВЫ'МОКНУТЬ** *сов.* 1. (*промокнуть*) суу болуу, суу өтүү, суугa чылануу; **вы́мокнуть до ни́тки** *разг.* өтмө катарынан өтүп суу болуу; 2. (*потерять какое-л. свойство в воде*) суугa чыланып, кандайдыр бир касиетин жоготуу.
**ВЫМОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́молотить.**
**ВЫ'МОЛВИТЬ** *сов. что* айтуу, үн берүү, үн чыгаруу.
**ВЫ'МОЛИТЬ** *сов. что* жалынып-жалбарып сурап алуу.
**ВЫ'МОЛОТ** *м. с.-х. обл.* эгиндин кызылы (*кырмандагы сапырылган эгиндин кызылы*).
**ВЫ'МОЛОТИТЬ** *сов. что, с.-х.* бастыруу (*эгинди*).
**ВЫМОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́морозить.**
**ВЫ'МОРИТЬ** *сов. кого-что* ачыктырып кыруу (жоюу), ууктуруп кыруу (жоюу).
**ВЫ'МОРОЗИТЬ** *сов.* 1. *что* (*выстудить*) муздатуу, муздатып тоңдуруу; 2. *кого-что* (*истребить морозом*) тоңдуруп кыруу, үшүтүп кырып-жоюу.
**ВЫ'МОРОЧНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* өлгөндөн ээсиз калган; **вы́морочное иму́щество** өлгөндөн ээсиз калган мүлк.
**ВЫ'МОСТИТЬ** *сов. что* таш төшөө; **вы́мостить доро́гу** жолго таш төшөө.
**ВЫ'МОТАТЬ** *сов. что, разг.* жүдөтүү, диңкесин курутуу, алсыратуу; **вы́мотать все си́лы** бардык күчүн кетирүү, алсыратуу; ◇ **вы́мотать ду́шу** диңкесин соолтуу, шилтисин түгөтүү, шилтисин курутуу.
**ВЫ'МОТАТЬСЯ** *сов. разг.* диңкеси соолуу, алсыроо.
**ВЫ'МОЧИТЬ** *сов.* 1. *что* (*продержать в жидкости*) суу кылуу, суулоо, суугa чылоо; 2. *кого-что* (*промочить*) суугa салуу, жибитүү.
**ВЫ'МПЕЛ** *м.* вымпел (1. *мор. кеменин мачтасындагы ичке узун желек;* 2. *ав. самолёттон же аэростаттан кабар үчүн желекче же кутуча түрүндөгү таштала турган шарттуу белги;* 3. *спорт. мелдешип жаткан командалар алмашып ала турган үч бурч формалуу желекчелер*).
**ВЫ'МУЧЕННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* 1. *прич. от* **вы́мучить;** 2. *прил.* (*напр. о стихах*) ычкынып, күчөнүп чыгарган (*мис. ыр*).
**ВЫ'МУЧИТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*вынудить*) зордоо, күчтөө, күчкө салуу; 2. (*сделать с усилием*) ычкынып, күчөнүп чыгаруу (*мис. ырды*).
**ВЫ'МУШТРОВАТЬ** *сов. кого-что* муштралоо (*зекип, катаал тарбиялоо*).
**ВЫМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́мыть.**
**ВЫМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́мыться;** 2. *страд. к* **вымыва́ть.**
**ВЫ'МЫСЕЛ** *м.* 1. (*фантазия*) кыялдан чыгарылган нерсе, жок нерсе; 2. *разг.* (*выдумка*) калп, жалган.
**ВЫ'МЫТЬ** *сов. кого-что* жуу, жууп тазалоо.
**ВЫ'МЫТЬСЯ** *сов.* жуунуу.
**ВЫ'МЫШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вымышля́ть;** 2. *прил.* (*неправдоподобный*) жасалма, жалган, чындыкка туура келбеген.
**ВЫМЫШЛЯ'ТЬ** *несов. что* ойлоп чыгаруу, жалган нерсени ойлоп табуу.
**ВЫ'МЯ** *ср.* желин.
**ВЫНА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **вы́носить.**
**ВЫНЕСЕ'НИЕ** *ср.* чыгаруу; **вынесе́ние числа́ за ско́бки** *мат.* санды кашаанын сыртына чыгаруу; **вынесе́ние пригово́ра** өкүм чыгаруу.
**ВЫ'НЕСТИ** *сов.* 1. *кого-что* чыгаруу, алып чыгуу, сыртка чыгаруу; **вы́нести ве́щи на у́лицу** буюмдарды көчөгө чыгаруу; **волно́й вы́несло ло́дку на бе́рег** толкун кайыкты жээкке чыгарды; **вы́нести на поля́ ру́кописи** кол жазманын четине чыгаруу; 2. *что, перен.* (*постановить*) коюу, чыгаруу; **вы́нести реше́ние** чечим чыгаруу; **вы́нести пригово́р** өкүм чыгаруу; **вы́нести вопро́с на собра́ние** маселени жыйналышка коюу; 3. *что* (*вытерпеть*) чыдоо, баштан өткөрүү, көтөрүү; **вы́нести си́льную боль** катуу ооруну көтөрүү; ◇ **вы́нести хоро́шее впечатле́ние** жакшы пикирде калуу; **вы́нести на свои́х плеча́х** жалгыз өзү иштеп бүтүрүү; **вы́нести за ско́бки** *мат.* кашаанын сыртына чыгаруу.
**ВЫ'НЕСТИСЬ** *сов.* зымыроо, чымылдоо, чымын-куюн болуу, чымын-куюн болуп чыгуу; **из-за угла́ вы́неслись мотоци́клы** мотоциклдер бурчтан чымын-куюн болуп чыга калды.
**ВЫНИМА'ТЬ** *несов. см.* **вы́нуть.**
**ВЫНИМА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*выдвигаться*) суурулуу; **э́тот я́щик стола́ не вынима́ется** бул столдун тартмасы суурулбайт; 2. *страд. к* **вынима́ть.**
**ВЫ'НОС** *м.* (*покойника, тела*) алып чыгуу, сөөгүн алып чыгуу.
**ВЫ'НОСИТЬ** *сов.* 1. *кого* (*ребёнка*) көтөрүү (*карындагы баланы*); 2. *что, перен.* бардык жагынан ойлоо, көп ойлоп бир тыянакка келүү; **вы́носить но́вый план** жаңы планды бардык жагынан ойлоо.
**ВЫНОСИ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **вы́нести;** 2. (*выдерживать*) көтөрө алуу; **хорошо́ выноси́ть жару́** ысыкка жакшы чыдоо; ◇ **не выноси́ть кого́-либо** биреөнү жек көрүү.
**ВЫ'НОСКА** *ж.* (*сноска, примечание*) выноска, эскертме (*беттин эң аягына сызыктан кийин жазылган эскертме*).
**ВЫНО'СЛИВОСТЬ** *ж.* чыдамдуулук, чыдамкайлык.
**ВЫНО'СЛИВЫЙ,** -ая, -ое чыдамдуу, чыдамкай.
**ВЫ'НУДИТЬ** *сов. кого-что* мажбур кылуу, аргасыз кылуу; **вы́нудить проти́вника отступи́ть** душманды чегинүүгө мажбур кылуу; **вы́нудить чьё-л. согла́сие** биреөнү макул болууга аргасыз кылуу.
**ВЫНУЖДА'ТЬ** *несов. см.* **вы́нудить.**
**ВЫ'НУЖДЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вы́нудить;** 2. *прил.* (*не добровольный*) аргасыз, амалсыз, чарасыз; **вы́нужденная поса́дка** *ав.* аргасыздан конуу; **вы́нужденный отка́з** аргасыз баш тартуу; аргасыздан кылынган отказ, айласы жоктон болгон отказ.
**ВЫ'НУТЬ** *сов. кого-что* алуу, чыгаруу; **вы́нуть де́ньги из карма́на** чөнтөктөн акча чыгаруу; **вы́нуть ребёнка из колыбе́ли** баланы бешиктен алуу.
**ВЫ'НЫРНУТЬ** *сов.* 1. (*из воды*) суунун ичинен сорок этип сүзүп чыгуу; 2. *перен. разг.* чыга келүү, чыга калуу, көрүнө калуу.
**ВЫНЮ'ХИВАТЬ** *несов. что* шимшилөө.
**ВЫ'НЯНЧИТЬ** *сов. кого-что* алпештеп өстүрүү, тарбиялап өстүрүү.
**ВЫ'ПАД** *м.* 1. *спорт.* качыруу, качырып сала берүү. 2. *перен.* кылык, чыгыш; ушак айтуу, жамандоо.
**ВЫПАДА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **вы́пасть;** 2. *спорт.* качыруу, качырып сала берүү.
**ВЫПАДЕ'НИЕ** *ср.* 1. түшүп калуу, түшүү; **выпаде́ние воло́с** чач түшүү; **выпаде́ние прямо́й кишки́** *мед.* көтөн чучуктун түшүшү; 2. (*об осадках*) жаашы.

www.bizdin.kg

**ВЫПА'ИВАТЬ** *несов. см.* **выпоить.**

**ВЫПА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **выпалить.**

**ВЫ'ПАЛИТЬ** *сов. разг.* 1. (*выстрелить*) атуу, атып жиберүү; 2. *что, перен.* (*сказать*) айтып салуу, айтып жиберүү, айтып таштоо.

**ВЫПА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **выполоть.**

**ВЫПА'РИВАНИЕ** *ср.* буулантыруу, бууга айландыруу, буулантуу, буулантыруу жолу менен суудан ажыратуу.

**ВЫПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **выпарить.**

**ВЫПА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выпариться;** 2. *страд. к* **выпáривать.**

**ВЫ'ПАРИТЬ** *сов.* 1. *что* буулантуу, буулап тазалоо, буулоо; **выпарить бельё** кирди буулоо; 2. *что* (*добыть кипячением*) буулантып ажыратуу, кайнатуу; **выпарить соль** туз кайнатуу; 3. *кого* (*вымыть*) ысык шыпыргы менен чапкылоо; **выпарить** *кого-л.* **в бáне** *бирөөнү* мончодо ысык шыпыргы менен чапкылоо.

**ВЫ'ПАРИТЬСЯ** *сов. разг.* мончодо ысык шыпыргы менен чабынуу.

**ВЫПА'РЫВАТЬ** *несов. см.* **выпороть I.**

**ВЫ'ПАС** *м.* жайыт (*малдын жайыты*).

**ВЫ'ПАСТИ** *сов. кого-что, обл.* жаюу; **выпасти жеребя́т** тайларды жаюу.

**ВЫ'ПАСТЬ** *сов.* 1. (*упасть, вывалиться*) жыгылуу, жыгылып түшүү, түшүү; 2. (*о волосах, зубах*) түшүү, түшүп калуу; жыдуу; 3. (*об осадках*) жааш, түшүү; **выпало мнóго дождéй** жаан көп жаады; **выпал глубóкий снег** кар калың түштү; 4. *перен.* (*достаться, случиться*) туура келүү; **на мою дóлю выпала честь ...** менин энчиме ... урматы тийди; **ему́ выпало счáстье** ага бакыт тийди; **выпал сóлнечный день** күн ачык боло калды.

**ВЫ'ПАЧКАТЬ** *сов. кого-что чем* булгоо.

**ВЫ'ПАЧКАТЬСЯ** *сов.* булгануу.

**ВЫПЕКА'ТЬ** *несов. см.* **выпечь.**

**ВЫПЕКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выпечься;** 2. *страд. к* **выпекáть.**

**ВЫ'ПЕРЕТЬ** *сов. разг.* 1. *кого-что* (*вытеснить*) түртүп чыгаруу, итерип чыгаруу; кысып чыгаруу; **льдом выперло бáржу навéрх** муз баржаны жогору кысып чыгарды; 2. (*выдаться вперёд*) оркоюп чыгып туруу, алга чыгып туруу; 3. *груб.* кубалап чыгуу, куул чыгуу.

**ВЫ'ПЕСТОВАТЬ** *сов. кого-что* өстүрүү, тарбиялап өстүрүү, алпештеп өстүрүү.

**ВЫ'ПЕЧКА** *ж.* 1. (*действие*) жабуу, бышыруу; 2. (*то, что выпечено*) жабылган, бышырылган (*мис. нан, самса*).

**ВЫ'ПЕЧЬ** *сов. что* жабуу, бышыруу; **выпечь сто килогрáммов хлéба** жүз килограмм нан бышыруу.

**ВЫ'ПЕЧЬСЯ** *сов.* жабылуу, бышырылуу (*мис. нан*).

**ВЫПИВА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **выпить;** 2. *разг.* (*иметь склонность к выпивке*) ичкилик ичүүнү жакшы көрүү.

**ВЫ'ПИВКА** *ж. разг.* 1. (*попойка*) ичкилик менен сыйлоо, чогулуп ичүү, ичүү үчүн жыйналуу; 2. *собир.* (*спиртные напитки*) ичкилик, ичимдик.

**ВЫПИ'ЛИВАНИЕ** *ср.* араалап жасоо, араа менен кесип алуу, араалап тешүү *же* араалап оюу; **выпиливание по дéреву** жыгачтын бетине оюп сүрөт түшүрүү.

**ВЫПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **выпилить.**

**ВЫ'ПИЛИТЬ** *сов. что* араалап жасоо, араа менен кесип алуу, араалап тешүү *же* араалап оюу; **выпилить отвéрстие в двéри** араалап эшиктен оюк чыгаруу; **выпилить рáмку** рамканы араалап жасоо.

**ВЫПИРА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **выпереть;** 2. *перен. разг.* (*чересчур выделяться*) эң эле көрүнүп туруу, көзгө ыксыз түшүп туруу.

**ВЫ'ПИСАТЬ** *сов.* 1. *что* (*сделать выборку*) көчүрүп алуу, текстинен көчүрүү; көчүрүү, көчүрүп жазуу (*списать*); **выписать из кни́ги нýжные цитáты** китептен керектүү цитаталарды көчүрүп алуу; 2. *что* (*тщательно написать, нарисовать*) ынтасын коюп жазуу (сызуу); коздоп, жакшылап жазуу, сүрөт салуу; 3. *кого-что* (*вызвать письмом*) чакыртуу, чакыртып алуу; **он выписал к себé семью** ал үй-бүлөсүн чакыртып алды; 4. *что* (*заказать с доставкой*) жаздырып алуу; **выписать газéту** газета жаздырып алуу; 5. *кого* (*исключить из списка*) чыгаруу, өчүрүү; **выписать из больни́цы** ооруканадан чыгаруу; **выписать жильцá из домóвой кни́ги** үйдө туруучу кишини үй книгасынан өчүрүү.

**ВЫ'ПИСАТЬСЯ** *сов.* чыгуу, өчүрүлүү.

**ВЫ'ПИСКА** *ж.* 1. (*выписывание, списывание*) көчүрүү, көчүрүп алуу; 2. (*выборка, выпись из документа*) көчүрмө; **выписка из протокóла** протоколдон көчүрмө; 3. жаздырып алуу; **выписка газéт** газета жаздырып алуу; 4. (*исключение откуда-л.*) чыгаруу, өчүрүү; **выписка из больни́цы** ооруканадан чыгаруу.

**ВЫПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **выписать.**

**ВЫПИ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выписаться;** 2. *страд. к* **выпи́сывать.**

**ВЫ'ПИСЬ** *ж. офиц.* көчүрмө; **нотариáльная выпись** нотариалдык көчүрмө.

**ВЫ'ПИТЬ** *сов. что, чего* 1. ичүү, ичип жиберүү; **выпить зáлпом** тынбай ичип жиберүү; 2. (*спиртного*) ичкилик ичүү.

**ВЫПИ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **выпихнуть.**

**ВЫ'ПИХНУТЬ** *сов. кого-что, прост.* итерип чыгаруу, түртүп чыгаруу.

**ВЫ'ПЛАВИТЬ** *сов. что* эритүү, эритип алуу, эритип чыгаруу; **выплавить две тóнны чугунá** эки тонна чоюн эритүү.

**ВЫ'ПЛАВКА** *ж.* 1. (*действие*) эритүү; **выплавка стáли** болот эритүү; 2. (*то, что выплавлено*) эритилген (*металл*); **сýточная выплавка** бир суткада эритип чыгарылган (*металл*).

**ВЫПЛАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **выплавить.**

**ВЫ'ПЛАКАТЬ** *сов. что* ыйлап жеңилдетүү, көз жашын төгүп жеңилдетүү; **выплакать своё гóре** өзүнүн кайгысын ыйлап жеңилдетүү; ◇ **выплакать все глазá** аябай көп ыйлоо; көзүнүн жашы кургабоо; ыйлап жүрүп, көзү жакшы көрбөй калуу.

**ВЫ'ПЛАКАТЬСЯ** *сов. разг.* ыйлап алуу, ыйлап бугун чыгарып алуу.

**ВЫ'ПЛАТА** *ж.* төлөө, берүү.

**ВЫ'ПЛАТИТЬ** *сов. что кому* төлөө, берүү; **выплатить долги́** карыздарды төлөө.

**ВЫПЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **выплатить.**

**ВЫПЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **выплюнуть.**

**ВЫ'ПЛЕСКАТЬ** *сов. что* чайпалтып төгүү, төгүп таштоо; **выплескать всю вóду из тарéлки** тарелкадагы суунун баарын чайпалтып төгүү.

**ВЫ'ПЛЕСКАТЬСЯ** *сов.* чайпалып төгүлүү.

**ВЫПЛЁСКИВАТЬ** *несов. см.* **выплескать.**

**ВЫ'ПЛЕСНУТЬ** *однокр. что* чайпалтып төгүү, төгүп таштоо.

**ВЫ'ПЛЕСНУТЬСЯ** *однокр.* чайпалып төгүлүү.

**ВЫ'ПЛЕСТИ** *сов. что* 1. жандыруу, жандырып алуу; **выплести лéнту из косы́** чачтын өрүмүнөн лентаны жандырып алуу; 2. (*изготовить плетением*) өрүп жасоо, согуп жасоо.

**ВЫПЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **выплести.**

**ВЫПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **выплыть.**

**ВЫ'ПЛЫТЬ** *сов.* 1. (*всплыть*) бетине калкып чыгуу; 2. *перен.* (*появиться*) сүзүп чыгуу; **лунá выплыла из-за туч** ай булуттан сүзүп чыкты; 3. *перен. разг.* (*обнаружиться*) келип чыгуу; **выплыл ряд вопрóсов** бир катар маселе келип чыкты.

**ВЫ'ПЛЮНУТЬ** *сов. что* түкүрүп таштоо.

**ВЫПЛЯ'СЫВАТЬ** *несов. разг.* түрдүү фигуралар жасап бийлөө.

**ВЫ'ПОИТЬ** *сов. кого* сүт берип багуу, тарбиялап өстүрүү; **выпоить телёнка** музоону сүт берип багуу.

www.bizdin.kg

**ВЫПОЛА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **выполоскать.**
**ВЫПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **выползти.**
**ВЫ'ПОЛЗТИ** *сов.* сойлоп чыгуу, жөргөлөп чыгуу, жөрмөлөп чыгуу; **из-под камней выползла ящерица** таштардын арасынан кескелдирик жөрмөлөп чыкты.
**ВЫПОЛНЕ'НИЕ** *ср.* орундоо, аткаруу, толтуруу; **выполнение плана** планды орундоо; **выполнение задания** тапшырманы аткаруу.
**ВЫПОЛНИ'МЫЙ,** -ая, -ое аткарылуучу, аткарылууга мүмкүн болгон, орундалуучу, орундалууга мүмкүн болгон; **выполнимое задание** аткарылууга мүмкүн болгон тапшырма.
**ВЫ'ПОЛНИТЬ** *сов. что* аткаруу, орундоо; **выполнить приказание** буйрукту аткаруу; **выполнить свой гражданский долг** өзүнүн граждандык милдетин аткаруу.
**ВЫПОЛНЯ'ТЬ** *несов. см.* **выполнить.**
**ВЫПОЛНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. аткарылуу, орундалуу; 2. *страд. к* **выполнять.**
**ВЫ'ПОЛОСКАТЬ** *сов. что* чайкоо; **выполоскать бельё в реке** кирди өзөндө чайкоо; **выполоскать рот** ооз чайкоо.
**ВЫ'ПОЛОТЬ** *сов. что* отоп бүтүрүү (*отоо чөптү*).
**ВЫ'ПОРОТЬ** I *сов. что* (*распороть*) сөгүп алуу (*мис. чапандын астарын*).
**ВЫ'ПОРОТЬ** II *сов. кого, разг.* (*высечь*) сабоо, камчы менен сабоо, чыбык менен сабоо.
**ВЫ'ПОРХНУТЬ** *сов.* 1. бырп этип учуп чыгуу; **птица выпорхнула из клетки** куш капастан бырп этип учуп чыкты; 2. *перен. разг.* үлп этип чуркап чыгуу.
**ВЫ'ПОТРОШИТЬ** *сов. что* ичин жарып, иче-кардын алуу.
**ВЫ'ПРАВИТЬ** *сов. что* 1. (*выпрямить*) түзөтүү; 2. (*исправить*) оңдоо, түзөтүү; **выправить недочёты** жетишпегендиктерди оңдоо; **выправить линию поведения** жүрүш-турушун оңдоо, жүрүш-турушун түзөтүү.
**ВЫ'ПРАВИТЬСЯ** *сов.* 1. (*выпрямиться*) түзөлүү; 2. (*исправиться*) оңолуу, түзөлүү.
**ВЫ'ПРАВКА** *ж.* (*осанка*) денени кармоо, денени түз кармоо; **военная выправка** денени аскерче кармоо.
**ВЫПРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **выправить.**
**ВЫПРАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выправиться;** 2. *страд. к* **выправлять.**
**ВЫПРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **выпросить.**
**ВЫПРОВА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **выпроводить.**
**ВЫ'ПРОВОДИТЬ** *сов. кого, разг.* кууп чыгуу, айдап чыгуу, чыгарып жиберүү, кууп жиберүү.
**ВЫ'ПРОСИТЬ** *сов. что* сурап алуу, жалынып-жалбарып сурап алуу; **выпросить книгу** китеп сурап алуу.
**ВЫПРЫ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **выпрыгнуть.**
**ВЫ'ПРЫГНУТЬ** *сов.* секирип чыгуу; **выпрыгнуть из окна** терезеден секирип чыгуу.
**ВЫПРЯГА'ТЬ** *несов. см.* **выпрячь.**
**ВЫПРЯМИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* түзөткүч, түзөтүүчү (*алмашма токту туруктуу токко айландыруучу прибор*).
**ВЫПРЯМИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* түзөтүүчү; **выпрямительная установка** түзөтүүчү установка.
**ВЫ'ПРЯМИТЬ** *сов. что* түзөтүү, түз кылуу, түздөө; **выпрямить линию** сызыкты түзөтүү; **выпрямить грудь** көкүрөктү түз кылуу, көкүрөктү керүү; **выпрямить ток** *тех.* токту түздөө.
**ВЫ'ПРЯМИТЬСЯ** *сов.* түзөлүү (*туптуз болуу*).
**ВЫПРЯМЛЕ'НИЕ** *ср.* түзөтүү, түз кылуу, түздөө.
**ВЫПРЯМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **выпрямить.**
**ВЫПРЯМЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выпрямиться;** 2. *страд к* **выпрямлять.**
**ВЫ'ПРЯЧЬ** *сов. кого* чыгаруу (*атты арабадан*).
**ВЫ'ПУКЛО** *нареч.* даана; **в романе выпукло даны фигуры героев** романда каармандардын элеси даана берилген.
**ВЫ'ПУКЛО-ВО'ГНУТЫЙ,** -ая, -ое *физ.* томпок-кабарыңкы; **выпукло-вогнутое стекло** томпок-кабарыңкы айнек.
**ВЫ'ПУКЛОСТЬ** *ж.* 1. томпоктук; **выпуклость поверхности** *бир нерсенин* бетинин томпоктугу; 2. (*выпуклое место*) томпок, томпок жер; **выпуклости на стекле** айнектеги томпоктор; 3. *перен.* (*отчётливость*) ачыктык, дааналык; **выпуклость художественного образа** кооз адабияттагы элестин дааналыгы.
**ВЫ'ПУКЛЫЙ,** -ая, -ое 1. (*выгнутый*) томпок; **выпуклые стёкла** томпок айнектер; 2. (*рельефный*) дөмпөйгөн; **выпуклые буквы** дөмпөйгөн тамгалар (*мис. сокурлар учун шрифт*); 3. *перен.* (*отчётливый*) ачык, даана; ◇ **выпуклые глаза** бадырайган көз, тостойгон көз.
**ВЫ'ПУСК** *м.* 1. (*действие*) чыгаруу, өндүрүү; **выпуск займа** заём чыгаруу; **выпуск продукции** продукция өндүрүү; **выпуск из печати** басмадан чыгаруу; **выпуск студентов** студенттерди бүтүртүп чыгаруу; 2. (*учащихся, окончивших курс*) выпуск, курсту бүтүргөн окуучулар; **в этом году большой выпуск** быйыл курсту бүтүргөн окуучулар көп; 3. (*часть сочинения, изданная отдельно*) выпуск; **вышло пять выпусков** беш выпуск чыкты; 4. (*сокращение, пропуск*) кыскартуу, түшүрүп калтыруу; **пьеса шла с выпусками** пьеса кыскартылып коюлган болчу.
**ВЫПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **выпустить.**
**ВЫПУСКНИ'К** *м.* бүтүрүүчү окуучу.
**ВЫПУСКНИ'ЦА** *женск. р. к* **выпускник.**
**ВЫПУСКНО'Й,** -ая, -ое 1. бүтүрүүчү; **выпускной класс** бүтүрүүчү класс; **выпускной экзамен** бүтүрүүчү экзамен; 2. *тех.* чыгаруучу, чыгара турган; **выпускное отверстие доменной печи** домна мешинин чыгаруучу тешиги.
**ВЫ'ПУСТИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*дать выйти*) бошотуп жиберүү, агызуу, коё берүү, чыгарып жиберүү; **выпустить птицу из клетки** кушту капастан коё берүү; **выпустить воду из ванны** ваннадан сууну агызуу; **выпустить кровь** кан агызуу, кан алуу; **выпустить пар** буу чыгаруу; **выпустить из рук** *что-л. бир нерсени* колдон чыгарып жиберүү; 2. *что* (*пустить в обращение, в действие*) чыгаруу, иштеп чыгаруу; **выпустить товары высокого качества** жогорку сапаттуу товарларды иштеп чыгаруу; **выпустить книгу** китеп чыгаруу; **выпустить новый фильм** жаңы фильм чыгаруу; **выпустить заём** заём чыгаруу; 3. *что* (*выставить*) чыгаруу; **выпустить когти** тырмагын чыгаруу (*мис. мышык*); 4. *кого* (*окончивших учебные заведения*) даярдап чыгаруу; **выпустить учителей** мугалимдерин даярдап чыгаруу; 5. *что* (*сделать длиннее или шире*) узартуу, кеңейтүү; **выпустить рукава** жеңди узартуу.
**ВЫ'ПУТАТЬ** *сов. что* түйүндү ажыратуу, түйүндү чечүү.
**ВЫ'ПУТАТЬСЯ** *сов.* 1. (*освободиться от пут*) тушоодон бошонуу; 2. *перен.* кутулуу, бир амал кылып кутулуп чыгуу; **выпутаться из беды** балаадан бир амал кылып кутулуп чыгуу.
**ВЫПУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **выпутать.**
**ВЫПУ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выпутаться;** 2. *страд. к* **выпутывать.**
**ВЫПУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **выпучить.**
**ВЫ'ПУЧИТЬ** *сов. что:* **выпучить глаза** *разг.* көздү чакчайтуу, көзүн чакырайтуу, көздү акырайтуу.
**ВЫ'ПЫТАТЬ** *сов. что у кого* сурамжылоо, сураштырып билүү, айттырып алуу, айттыруу, айтууга мажбур кылуу; **выпытать секрет** *у кого-л. бирөөнүн* сырын айттырып алуу.
**ВЫПЫ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **выпытать.**
**ВЫПЬ** *ж. зоол.* кол бука (*сазда жашоочу түнкү куштардын бир түрү*).
**ВЫ'ПЯТИТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*выставить вперёд*) керүү; **выпятить грудь** көкүрөктү керүү; 2. *перен.* даана

www.bizdin.kg

кылып көрсөтүү, оркойтуп көрсөтүү; **выпятить недостатки** кемчиликтерди оркойтуп көрсөтүү.

**ВЫ'ПЯТИТЬСЯ** *сов. разг.* оркоюу; чердейүү.

**ВЫПЯ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **выпятить.**

**ВЫПЯ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выпятиться;** 2. *страд. к* **выпячивать.**

**ВЫРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **выработать.**

**ВЫ'РАБОТАТЬ** *сов. что* 1. (*произвести*) иштеп чыгаруу, жасап чыгаруу, өндүрүү; 2. (*составить*) иштеп чыгуу, түзүп чыгуу; **выработать резолюцию** резолюция иштеп чыгуу; 3. (*воспитать*) тарбиялоо; **выработать твёрдый характер** мүнөздү бек кылып тарбиялоо; 4. (*добиться тренировкой, работой над чем-л.*) жетишүү; **выработать хороший стиль** жакшы стилге жетишүү; 5. *разг.* (*заработать*) иштеп табуу.

**ВЫ'РАБОТКА** *ж.* 1. (*производство чего-л.*) иштеп чыгаруу, жасап чыгаруу, өндүрүү; **выработка продукции** продукция өндүрүү; **выработка электроэнергии** электроэнергия иштеп чыгаруу; 2. (*составление*) иштеп чыгаруу, түзүп чыгуу; **выработка законопроекта** закон проектисин түзүп чыгуу; 3. (*продукция*) иштелип чыгарылган; **хорошей выработки** жакшы иштеп чыгарылган (*мис. продукция*); 4. (*производительность*) иштеп чыгаруу, өндүрүү; **нормы выработки** иштеп чыгаруу нормалары; 5. (*воспитание*) тарбиялоо, үйрөтүү; **выработка навыков к труду** эмгекке көнүктүрүү.

**ВЫРА'ВНИВАНИЕ** *ср.* 1. (*сглаживание*) тегиздөө, текшилөө, 2. *воен.* тууралоо, тегиздөө; **выравнивание строя** катарды тегиздөө.

**ВЫРА'ВНИВАТЬ** *несов. см.* **выровнять.**

**ВЫРА'ВНИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выровняться;** 2. *страд. к* **выравнивать.**

**ВЫРАЖА'ТЬ** *несов. см.* **выразить;** ◇ **выражать собой** көрсөтүү, билдирүү.

**ВЫРАЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выразиться;** 2. *страд. к* **выражать;** 3. *прост.* (*браниться*) сөгүнүү, адепсиз сөздөр айтуу; ◇ **мягко выражаясь** *разг.* жумшак айтканда, сыйдалап айтканда.

**ВЫРАЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) айтуу, билдирүү, түшүндүрүү, көрсөтүү, сүрөттөө; 2. (*оборот речи*) сөз, айтылыш, сүйлөм; **образное выражение** образдуу сүйлөм; 3. *мат.* (*формула*) туюнтма; **алгебраическое выражение** алгебралык туюнтма; ◇ **выражение лица** бетинин түрү; **выражение глаз** караш, кароо; **грустное выражение глаз** муңайып кароо.

**ВЫ'РАЖЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **выразить;** 2. *прил.* (*заметный*) көрүнүп турган, көрүнүп тура турган.

**ВЫРАЗИ'ТЕЛЬ** *м.* көрсөтүүчү; **выразитель народных дум** элдин тилегин билдирүүчү.

**ВЫРАЗИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* ачык, ачык-айкын, таасирдүү, маанилүү, даана; **выразительно читать** ачык-айкын окуу.

**ВЫРАЗИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* ачыктык, ачык-айкындык, таасирдүүлүк, маанилүүлүк, дааналык.

**ВЫРАЗИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ачык, ачык-айкын, маанилүү, таасирдүү, даана; **выразительные глаза** таасирдүү көз; **выразительное чтение** ачык-айкын окуу.

**ВЫ'РАЗИТЬ** *сов. что* билдирүү, айтуу, көрсөтүү; **выразить** *какую-л.* **мысль** бир ойду билдирүү; **выразить** *что-л.* **в цифрах** *бир нерсени* цифра менен көрсөтүү.

**ВЫ'РАЗИТЬСЯ** *сов.* 1. *в чём* (*проявиться*) болуп чыгуу; **сумма выразилась в следующих цифрах** сумма төмөндөгү цифралар болуп чыкты; 2. (*передать свою мысль*) айтуу, билдирүү, көрсөтүү.

**ВЫРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **вырасти.**

**ВЫ'РАСТИ** *сов.* 1. (*стать больше, старше*) өсүү, өсүп калуу, чоңоюу; **за лето мальчик вырос** бала жай ичинде өсүп калды; 2. *перен.* (*достигнуть какой-л. степени*) өсүү; **молодой писатель заметно вырос** жаш жазуучу бир кыйла өстү; 3. *перен.* (*увеличиться*) өсүү; **выросло строительство** курулуш өстү; 4. *перен.* (*появиться, показаться*) көрүнүү; **вдали выросли горы** алыстан тоолор көрүндү; ◇ **вырасти в** *чьих-л.* **глазах** *биреөнүн* алдында кадыры көтөрүлүү, *биреөнүн* алдында бедели артуу; **девочка выросла из платья** кыздын көйнөгү кичирейди, батпай калды (*кыз өскөндүктөн*).

**ВЫ'РАСТИТЬ** *сов. кого-что* өстүрүү, тарбиялап өстүрүү, багып чоңойтуу; **вырастить детей** балдарды тарбиялап өстүрүү; **вырастить новые кадры** жаңы кадрларды тарбиялап өстүрүү.

**ВЫРА'ЩИВАНИЕ** *ср.* (*действие*) өстүрүү, тарбиялап өстүрүү, багып чоңойтуу; **выращивание молодых специалистов** жаш специалисттерди тарбиялап өстүрүү.

**ВЫРА'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **вырастить.**

**ВЫ'РВАТЬ** I *сов. что* 1. (*выдернуть*) үзүп алуу, сууруп алуу, сууруп таштоо, жулуп алуу, жулуп салуу; **вырвать сорняки** отоо чөптөрдү жулуп салуу; **вырвать зуб** тишти сууруу; **вырвать из рук листок** баракты колдон жулуп алуу; 2. *перен.* (*уничтожить*) жоготуу, жок кылуу; **вырвать с корнем пережитки прошлого** эскинин калдыктарын түп-тамырынан бери жок кылуу; ◇ **вырвать признание** зордуктап мойнуна алдыруу, мойнуна алууга мажбур кылуу.

**ВЫ'РВАТЬ** II *сов. безл. кого* (*стошнить*) кусуу; **его вырвало** ал кусту.

**ВЫ'РВАТЬСЯ** *сов.* 1. (*оторваться, отделиться*) жулунуу, жыртылып түшүү; 2. (*освободиться*) кутулуп чыгуу, кутулуу, чыгып кетүү; **вырваться из вражеского окружения** душмандын курчоосунан кутулуп чыгуу; **вырваться из рук** колдон чыгып кетүү; 3. (*устремиться наружу*) атылып чыгуу; **из трубы вырвалось пламя** жалын трубадан атылып чыкты; 4. (*внезапно прозвучать*) байкоосуздан чыгып кетүү; **у него вырвалось неосторожное слово** анын оозунан байкоосуздан сөз чыгып кетти.

**ВЫ'РЕЗ** *м.* (*выем у платья*) оюк.

**ВЫ'РЕЗАТЬ** *сов.* 1. *что* (*разрезая вынуть*) кесип алуу, оюп алуу; **вырезать картинку из книги** китептен сүрөт кесип алуу; 2. *что* (*выгравировать*) кесип жазуу, оюп жазуу, оюп түшүрүү; 3. *кого* (*истребить*) кырып салуу, кырып кетүү.

**ВЫРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **вырезать.**

**ВЫ'РЕЗКА** *ж.* 1. (*действие*) кесип жазуу, оюп жазуу, оюп түшүрүү; 2. (*вырезанное место*) кесилген, оюлган, кесинди; **газетная вырезка** газетанын кесиндиси.

**ВЫРЕЗНО'Й,** -ая, -ое 1. (*сделанный резьбой*) кесилген, оюлган; 2. (*имеющий вырез*) кесилген, оюлган; **вырезной лиф платья** көйнөктүн оюлган көкүрөгү.

**ВЫРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **вырезать.**

**ВЫ'РИСОВАТЬСЯ** *сов.* көрүнүү, ачык көрүнүү, айкын көрүнүү; **на горизонте вырисовались горы** горизонтто тоолор ачык көрүндү.

**ВЫРИСО'ВЫВАТЬ** *несов.* ынтасын коюп сызуу.

**ВЫРИСО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вырисоваться;** 2. *страд. к* **вырисовывать.**

**ВЫ'РОВНЯТЬ** *сов. что* 1. (*сделать гладким*) текшилөө, тегиздөө, түздөө; 2. (*по прямой линии*) түптүз кылып тегиздөө, катарынан тегиздөө; **выровнять строй** *воен.* катарды түптүз кылып тегиздөө; ◇ **выровнять шаг** бутту тегиз алып басуу.

**ВЫ'РОВНЯТЬСЯ** *сов.* 1. (*сгладиться*) текшиленүү, тегизделүү, түздөлүү; 2. (*в одну линию*) түптүз болуп тегизделүү, катарынан тегизделүү; 3. *перен.* оңолуу, түзөлүү, жакшыруу; **характер у него выровнялся** анын мүнөзү оңолду.

**ВЫ'РОДИТЬСЯ** *сов.* 1. (*ухудшиться в породе*) тукум жагынан сапаты начардоо, тукуму начардоо; 2. (*вымереть*) тукуму куруу.

www.bizdin.kg

**ВЫ'РОДОК** *м. разг. презр.* шүмшүк, адамдын жаманы, адамдын шүмшүгү.

**ВЫРОЖДА'ТЬСЯ** *несов. см.* **вы́родиться.**

**ВЫРОЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*ухудшение породы*) тукумдун бузулушу, тукумдун начарланышы; 2. (*вымирание*) тукуму куруу.

**ВЫ'РОНИТЬ** *сов. что* түшүрүп жиберүү; **вы́ронить газе́ту из рук** газетаны колдон түшүрүп жиберүү.

**ВЫРУБА'ТЬ** *несов. см.* **вы́рубить.**

**ВЫ'РУБИТЬ** *сов. что* 1. (*срубить*) кесүү, кесип (кыйып) түгөтүү; 2. (*сделать отверстие*) чаап оюу, оюп жасоо; **вы́рубить окно́** терезе оюу.

**ВЫ'РУБКА** *ж.* 1. (*действие*) кесүү, кыюу; 2. (*вырубленное место*) токойдун кыйнылган жери.

**ВЫ'РУГАТЬ** *сов. кого-что, разг.* тилдөө, сөгүү, тилдеп таштоо.

**ВЫРУ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́рулить.**

**ВЫ'РУЛИТЬ** *сов.* (*о самолёте*) самолётту конууга багыттоо.

**ВЫРУЧА'ТЬ** *несов. см.* **вы́ручить.**

**ВЫ'РУЧИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*помочь*) куткаруу, кутказуу; **вы́ручить из беды́** балаадан куткаруу; 2. *что* (*получить от продажи*) соодадан акча алуу.

**ВЫ'РУЧКА** *ж.* 1. (*оказание помощи*) куткаруу, кутказуу; **он пошёл това́рищу на вы́ручку** ал жолдошун куткарууга кетти; 2. (*вырученные деньги*) түшкөн акча; **дневна́я вы́ручка** бир күндө түшкөн акча.

**ВЫРЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **вы́рвать** I.

**ВЫРЫВА'ТЬ** II *несов. см.* **вы́рыть.**

**ВЫРЫВА'ТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **вы́рваться;** 2. *страд. к* **вырыва́ть** I.

**ВЫРЫВА'ТЬСЯ** II *несов. страд. к* **вырыва́ть** II.

**ВЫ'РЫТЬ** *сов.* 1. *что* (*сделать углубление*) казуу, казып даяр кылуу, ор казуу; 2. *кого-что* (*откопать*) казуу, казып алуу, казып чыгаруу; **вы́рыть ка́мень** ташты казып чыгаруу.

**ВЫ'РЯДИТЬ** *сов. кого-что, разг.* жасоо, жасалгалоо, кооз кийинтүү.

**ВЫ'РЯДИТЬСЯ** *сов. разг.* жасануу, жасалгалануу, кооз кийинүү.

**ВЫ'САДИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* түшүрүү; **вы́садить пассажи́ров** пассажирлерди түшүрүү; **вы́садить деса́нт** десант түшүрүү; 2. *что* (*растения*) көчүрүп тигүү, көчүрүп отургузуу; 3. *что, разг.* (*выбить*) сындырып (кыйратып) чыгаруу, уруп сындыруу; **вы́садить стекло́** айнекти сындырып чыгаруу.

**ВЫ'САДИТЬСЯ** *сов.* түшүү; **вы́садиться из по́езда** поезддан түшүү.

**ВЫ'САДКА** *ж.* 1. (*напр. на берег*) түшүрүү; **вы́садка деса́нта** десант түшүрүү; 2. (*растений*) көчүрүп тигүү, көчүрүп отургузуу.

**ВЫСА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́садить.**

**ВЫСА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́садиться;** 2. *страд. к* **выса́живать.**

**ВЫСА'СЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́сосать.**

**ВЫСВЕ'РЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́сверлить.**

**ВЫ'СВЕРЛИТЬ** *сов. что* бурап тешүү, бургулап тешүү; **вы́сверлить отве́рстие** бурап тешик тешүү.

**ВЫСВИ'СТЫВАТЬ** *сов. что, разг.* ышкырып ойноо; **высви́стывать марш** марштын күүсүн ышкырып ойноо (*ышкырып келтирүү*).

**ВЫ'СВОБОДИТЬ** *сов. кого-что* бошотуу, куткаруу; **вы́свободить но́гу из стре́мени** бутту үзөңгүдөн бошотуу; **вы́свободить часть оборо́тных средств** *фин.* оборотттогу каражаттардын бир бөлүгүн бошотуу.

**ВЫ'СВОБОДИТЬСЯ** *сов.* бошотулуу.

**ВЫСВОБОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **вы́свободить.**

**ВЫСВОБОЖДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́свободиться;** 2. *страд. к* **высвобожда́ть.**

**ВЫСВОБОЖДЕ'НИЕ** *ср.* бошоо, бошонуу, кутулуу.

**ВЫ'СЕВ** *м. с.-х.* 1. (*действие*) себүү; 2. (*высеянное*) себилген үрөн, тукум.

**ВЫСЕВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́сеять.**

**ВЫ'СЕВКИ** *только мн.* элегенден калган; электен, калбырдан өтпөй калганы.

**ВЫСЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **вы́сеять.**

**ВЫСЕКА'ТЬ** *несов. см.* **вы́сечь** I.

**ВЫСЕЛЕ'НИЕ** *ср.* көчүрүү.

**ВЫ'СЕЛИТЬ** *сов. кого-что* көчүрүү, көчүрүп жиберүү.

**ВЫ'СЕЛИТЬСЯ** *сов. разг.* көчүп кетүү.

**ВЫСЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́селить.**

**ВЫСЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́селиться;** 2. *страд. к* **выселя́ть.**

**ВЫ'СЕМЕНИТЬСЯ** *сов.* даны күбүлүү.

**ВЫ'СЕЧЬ** I *сов. что* 1. (*вырубить, вырезать*) жонуп сүрөт жасоо, таштан оюу; **вы́сечь на́дпись на ка́мне** таштын бетин оюп жазуу; 2. (*огонь*) чагып чыгаруу; **вы́сечь и́скру из ка́мня** таштан учкунду чагып чыгаруу.

**ВЫ'СЕЧЬ** II *сов. кого* (*розгами*) сабоо, камчы менен *же* чыбык менен сабоо, камчылоо.

**ВЫ'СЕЯТЬ** *сов. что* себүү (*үрөндү, урукту*).

**ВЫ'СИДЕТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*вывести птенцов*) басып чыгаруу (*балапан чыгаруу*); 2. (*пробыть где-л.*) отуруу, отуруп өткөрүү (*белгилүү бир убакытты*).

**ВЫСИ'ЖИВАНИЕ** *ср.* (*птенцов*) жумуртка басып чыгаруу (*балапанды*).

**ВЫСИ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́сидеть.**

**ВЫ'СИТЬСЯ** *несов.* заңкайып туруу; **вдали́ вы́силась ба́шня** алыста мунара заңкайып турду.

**ВЫСКА'БЛИВАНИЕ** *ср.* кыруу, кырып тазалоо, кырып жок кылуу, кырып алып таштоо.

**ВЫСКА'БЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́скоблить.**

**ВЫ'СКАЗАТЬ** *сов. что* айтуу; **вы́сказать своё мне́ние** өз оюн айтуу; **всё вы́сказать** бардыгын айтуу.

**ВЫ'СКАЗАТЬСЯ** *сов.* 1. айтуу, сүйлөө, чыгып сүйлөө, айтып өз пикирин билдирүү; **он вы́сказался положи́тельно о прое́кте** ал проект жөнүндө жактап айтты; **вы́сказались два челове́ка** эки киши сүйлөдү; 2. жактап чыгуу, жактап сүйлөө (*за кого-что*); каршы сүйлөө (*против кого-чего*); **вы́сказаться за резолю́цию** резолюцияны жактап сүйлөө; **вы́сказаться про́тив продолже́ния пре́ний** жарыш сөздүн улантыла берилишине каршы сүйлөө.

**ВЫСКА'ЗЫВАНИЕ** *ср.* 1. (*действие*) айтуу, сүйлөө; **выска́зывание своего́ мне́ния** өз оюн айтуу; 2. *чаще мн.* (*мнение*) айткан, айткан сөз; **выска́зывания кла́ссиков маркси́зма-ленини́зма** марксизм-ленинизм классиктеринин айткандары.

**ВЫСКА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́сказать.**

**ВЫСКА'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́сказаться;** 2. *страд. к* **выска́зывать.**

**ВЫСКА'КИВАТЬ** *несов. см.* **вы́скочить.**

**ВЫСКА'ЛЬЗЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́скользнуть.**

**ВЫ'СКОБЛИТЬ** *сов. что* кыруу, кырып тазалоо, кырып жок кылуу, кырып алып таштоо; **вы́скоблить стол** столду кырып тазалоо.

**ВЫ'СКОЛЬЗНУТЬ** *сов.* 1. жылбышып кетүү, жылбышып түшүп кетүү; **таре́лка вы́скользнула из рук** тарелка колдон жылбышып кетти; 2. *перен.* (*незаметно выйти*) билинбей чыгып кетүү.

**ВЫ'СКОЧИТЬ** *сов.* 1. (*выпрыгнуть*) секирип түшүү; **вы́скочить из окна́** терезеден секирип түшүү; 2. (*выпасть*) ыргып кетүү; **вы́скочил ви́нтик** бурама ыргып кетти.

**ВЫ'СКОЧКА** *м. и ж.* выскочка (*кандайдыр бир кызмат орунун эч акысы жок эле, кокусунан ээлеп калган адам*).

**ВЫСКРЕБА'ТЬ** *несов. см.* **вы́скрести.**

**ВЫ'СКРЕСТИ** *сов. что* кырып тазалоо.

www.bizdin.kg

**ВЫ'СЛАТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*послать*) жиберүү; **вы́слать посы́лку** посылка жиберүү; **2.** (*административным порядком*) айдап жиберүү (*шаардан, мамлекеттен*).

**ВЫ'СЛЕДИТЬ** *сов. кого-что* изинен табуу, аңдып жүрүп табуу; **вы́следить лиси́цу** түлкүнүн изинен табуу.

**ВЫСЛЕ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́следить.**

**ВЫ'СЛУГА** *ж.*: **за вы́слугу лет** көп жыл эмгек кылгандыгы үчүн.

**ВЫСЛУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **вы́служить.**

**ВЫСЛУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **вы́служиться; 2.** *страд. к* **выслу́живать.**

**ВЫ'СЛУЖИТЬ** *сов.* **1.** *разг.* (*прослужить*) кызмат кылуу, эмгек сиңирүү; **вы́служить два́дцать лет** жыйырма жыл кызмат кылуу; **2.** *что* (*заслужить*) кызмат кылып жетишүү; **вы́служить пе́нсию** кызмат кылып, пенсияга жетишүү.

**ВЫ'СЛУЖИТЬСЯ** *сов. разг.* кошекөрдөнүп, жагынып өз тилегине жетүү.

**ВЫ'СЛУШАТЬ** *сов. кого-что* **1.** тыңшоо, кулак салуу, угуу; **вы́слушать посети́теля** келген кишинин айтканын угуу; **2.** (*напр. сердце*) тыңшоо (*мис. жүрөктү*).

**ВЫСЛУ'ШИВАНИЕ** *ср.* тыңшоо (*мис. өпкөнү, жүрөктү*).

**ВЫСЛУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **вы́слушать.**

**ВЫСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **вы́смотреть.**

**ВЫСМЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **вы́смеять.**

**ВЫ'СМЕЯТЬ** *сов. кого-что* мазактап күлүү, шылдыңдоо.

**ВЫ'СМОРКАТЬ** *сов. что* чимкирүү.

**ВЫ'СМОРКАТЬСЯ** *сов.* чимкиринүү, чимкирүү.

**ВЫ'СМОРКНУТЬСЯ** *однокр. см.* **вы́сморкаться.**

**ВЫ'СМОТРЕТЬ** *сов.* **1.** *что* (*старательно рассмотреть*) абайлап кароо, карап тандоо; **вы́смотреть все нови́нки в кни́жном магази́не** китеп дүкөнүнөн жаңы чыккан китептердин бардыгын абайлап кароо; **2.** *кого-что* (*рассматривая найти*) абайлап кароо; **вы́смотреть в толпе́ знако́мого** көпчүлүктүн ичинен таанышын абайлап кароо; **3.** *кого-что* (*выследить*) аңдып кароо; **вы́смотреть расположе́ние сил проти́вника** душмандын күчтөрүнүн жайлашкан жерин аңдып кароо; ◇ **вы́смотреть глаза́** *разг.* көз майы түгөнгүчө кароо, көзү тешилгенче кароо.

**ВЫСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́сунуть.**

**ВЫСО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **вы́сунуться; 2.** *страд. к* **высо́вывать.**

**ВЫСО'КИЙ,** -ая, -ое **1.** бийик, узун; **высо́кий рост** узун бой; **высо́кая гора́** бийик тоо; **высо́кая ме́стность** бийик жер; **высо́кие облака́** бийик турган булуттар; **2.** (*большой по количеству, по силе; значительный*) бийик, күчтүү, чоң, ири; **высо́кое давле́ние** күчтүү басым; **ток высо́кого напряже́ния** абдан шыкалган ток, напряжениеси күчтүү ток; **высо́кий проце́нт** чоң процент; **высо́кие це́ны** көтөрүңкү (кымбат) баа; **3.** (*отличный по качеству*) жогорку; **рабо́та высо́кого ка́чества** жогорку сапаттуу иш; **высо́кие сорта́ това́ров** товардын жогорку сорттору; **4.** (*почётный*) чоң, кадырдуу, жогорку, даражалуу; **высо́кое зва́ние** чоң атак; **высо́кое положе́ние** чоң орун; **высо́кая честь** чоң сыймык; **высо́кий гость** кадырдуу конок; **Высо́кие Догова́ривающиеся Сто́роны** *дип.* Жогорку Келишим түзгөн Жактар; **5.** *перен.* (*возвышенный*) жогорку; **высо́кие стремле́ния** жогорку талап; **высо́кая иде́йность** жогорку идеялуулук; **6.** (*о звуках*) ичке; **высо́кая но́та** ичке нота; **высо́кий те́нор** ичке тенор; **7.** (*изысканный, торжественный*) тандалган, салтанаттуу; **высо́кий стиль** салтанаттуу стиль; ◇ **высо́кий лоб** жазы маңдай; **быть высо́кого мне́ния** *о ком-чём-л.* *бирөө же бир нерсе жөнүндө* жакшы пикирде болуу.

**ВЫСО'КО'** *нареч.* жогору, бийик, жогору жакта, бийикте; **он живёт высо́ко́** ал жогору жакта турат.

**ВЫСОКО-** *татаал сөздөрдүн «эң, жогорку, жогору» деген маанини берүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **высокока́чественный** эң сапаттуу, жогорку сапаттуу.

**ВЫСОКОВО'ЛЬТНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* жогору вольттуу.

**ВЫСОКОГО'РНЫЙ,** -ая, -ое бийик тоолук, бийик тоодо болуучу; **высокого́рные леса́** бийик тоодо болуучу токой.

**ВЫСОКОИДЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое жогорку идеялуу; **высокоиде́йное худо́жественное произведе́ние** жогорку идеялуу көркөм чыгарма.

**ВЫСОКОКА'ЧЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое жогорку сапаттуу, мыкты сапаттуу; **высокока́чественная проду́кция** жогорку сапаттуу продукция.

**ВЫСОКОКВАЛИФИЦИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое жогорку квалификациялуу, мыкты квалификациялуу; **высококвалифици́рованные рабо́чие** мыкты квалификациялуу жумушчулар.

**ВЫСОКОМЕ'РИЕ** *ср.* бой көтөрүү, текебердик, кокураюу, көөдөн көтөрүү, теңсинбөө.

**ВЫСОКОМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое бой көтөргөн, текебер, кокурайган, көөдөн көтөргөн, теңсинбеген.

**ВЫСОКОМЕХАНИЗИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое өтө (мыкты) механизациялаштырылган.

**ВЫСОКООБРАЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое жогорку билимдүү, абдан чоң билимдүү, **высокообразо́ванный челове́к** абдан чоң билимдүү адам.

**ВЫСОКООПЛА'ЧИВАЕМЫЙ,** -ая, -ое **1.** көп төлөнө турган, өтө көп бериле турган; **высокоопла́чиваемый труд** өтө көп төлөнө турган эмгек; **2.** иш акыны көп ала турган; **высокоопла́чиваемый рабо́тник** иш акыны көп ала турган кызматчы.

**ВЫСОКОПА'РНО** *нареч.* ыгы жок кооздоп, ыгы жок салтанаттап; **говори́ть высокопа́рно** ыгы жок кооздоп сүйлөө.

**ВЫСОКОПА'РНОСТЬ** *ж.* ыгы жок кооздук, ыгы жок салтанаттуулук.

**ВЫСОКОПА'РНЫЙ,** -ая, -ое ыгы жок кооздолгон, ыгы жок салтанаттуу.

**ВЫСОКОПОСТА'ВЛЕННЫЙ,** -ая, -ое чоң мансаптагы, чоң орундагы; **высокопоста́вленное лицо́** чоң мансаптагы киши.

**ВЫСОКОПРЕВОСХОДИ'ТЕЛЬСТВО** *ср. уст.* улуу алыжанап (*падышалык Россияда жана буржуазиялык өлкөлөрдө — жогорку согуштук жана граждандык чиндерди титулдоо*).

**ВЫСОКОПРО'БНЫЙ,** -ая, -ое жогорку сапаттуу, мыкты сапаттуу; **высокопро́бная сталь** мыкты сапаттуу болот.

**ВЫСОКОПРОДУКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое жогорку продуктылуу, көп продукт бере турган; **высокопродукти́вный скот** көп продукт бере турган мал.

**ВЫСОКОПРОИЗВОДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жогору өндүрүмдүү; **высокопроизводи́тельный труд** жогору өндүрүмдүү эмгек; **высокопроизводи́тельный ме́тод** жогору өндүрүмдүү метод.

**ВЫСОКОСО'РТНЫЙ,** -ая, -ое мыкты сорттуу, жогорку сорттуу; **высокосо́ртные семена́** жогорку сорттуу үрөн.

**ВЫСОКОТАЛА'НТЛИВЫЙ,** -ая, -ое жогорку таланттуу, мыкты таланттуу, абдан таланттуу.

**ВЫСОКОТОВА'РНЫЙ,** -ая, -ое жогорку товардуу; **высокотова́рное колхо́зное се́льское хозя́йство** жогорку товардуу колхоз айыл чарбасы.

**ВЫСОКОУДО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое сүттүү, көп сүттүү, көп сүт бере турган; **высокоудо́йная коро́ва** көп сүт бере турган уй.

**ВЫСОКОУРОЖА'ЙНЫЙ,** -ая, -ое өтө түшүмдүү, абдан түшүмдүү, жогору түшүмдүү; **высокоурожа́йные сорта́ пшени́цы** буудайдын жогору түшүмдүү сорттору.

**ВЫСОКОЦЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое өтө баалуу; **высокоце́нные произведе́ния иску́сства** искусствонун өтө баалуу чыгармалары.

www.bizdin.kg

**ВЫСОКОЭФФЕКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое өтө эффективдүү; **высокоэффективный метод** өтө эффективдүү метод.

**ВЫ'СОСАТЬ** *сов. что* соруп алуу; ◇ **высосать все соки** эң эле эзип жиберүү, алдан тайдыруу; бардык ширесин соруп алуу; **высосать из пальца** *разг.* жок нерсени ойлоп чыгаруу, калп айтуу, негизсиз айтуу.

**ВЫСОТА'** *ж.* 1. (*вышина*) бийиктик; **высота дома** үйдүн бийиктиги; **высота полёта** учуштун бийиктиги; **подняться на большую высоту** өтө бийиктикке көтөрүлүү; 2. (*величина, сила*) чоңдук, күч; **высота давления** басымдын күчү; 3. (*значительность*) деңгээл; **поднять вопрос на огромную принципиальную высоту** маселени өтө зор принципиалдуу деңгээлге көтөрүү; 4. (*возвышенность*) бийиктик; **горные высоты** тоо бийиктиктери; **занять высоту** бийиктикти ээлөө; 5. *мат.* бийиктик; **высота треугольника** үч бурчтуктун бийиктиги; 6. *муз.* ичкелик, бийиктик; **высота голоса** үндүн ичкелиги; ◇ **оказаться (быть) на высоте задач** милдеттер талап кылган деңгээлде болуу.

**ВЫСО'ТНИК** *м.* бийик имарат куруучу.

**ВЫСО'ТНЫЙ,** -ая, -ое: **высотный полёт** бийиктикке учуу; **высотные здания** бийик имараттар.

**ВЫСОТОМЕ'Р** *м. тех.* высотомер, бийиктик өлчөгүч (*бир нерсенин, мис. жыгачтын узундугун өлчөөчү прибор*).

**ВЫ'СОХНУТЬ** *сов.* 1. (*стать сухим*) кургоо, кургап калуу; соолуп калуу (*о реке*); **бельё высохло** кир кургады; 2. (*увянуть*) куурап калуу; **цветы высохли** гүлдөр куурап калды; 3. *перен. разг.* (*сильно исхудать*) абдан арыктоо; абдан арыктап, катып калуу.

**ВЫ'СОХШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **высохнуть**; 2. *прил.* (*потерявший влажность*) кургаган, кургап калган; **высохшая земля** кургаган жер, кургап калган жер; **высохшая река** кургап калган дарыя; 3. *прил.* (*увядший*) кургаган, куурап калган; **высохший стебель** куурап калган сабак; 4. *прил. перен. разг.* (*сильно исхудавший*) абдан арыктаган; арыктап, катып калган.

**ВЫСО'ЧЕСТВО** *ср. ист.* улуу урматтуу (*монархиялык мамлекетте падышалык кылган тукумдун мүчөлөрүн титулдоо*).

**ВЫ'СПАТЬСЯ** *сов.* уктап алуу, уйку кандыруу.

**ВЫСПРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **выспросить.**

**ВЫ'СПРЕННИЙ,** -яя, -ее *см.* **высокопарный.**

**ВЫ'СПРЕННОСТЬ** *ж. см.* **высокопарность.**

**ВЫ'СПРОСИТЬ** *сов. кого о ком-чём, разг.* сурап билүү, сурамжылап билүү, сурап билип алуу.

**ВЫ'СТАВИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*вперёд, наружу*) чыгаруу, чыгарып коюу; **выставить стол на середину** столду ортого чыгарып коюу; 2. *что* (*вынуть вставленное*) чыгаруу, чыгарып алуу; **выставить рамы** рамаларды чыгарып алуу; 3. *что* (*поместить для обозрения*) көрсөтүүгө коюу; **выставить картины художника** художниктин сүрөттөрүн көрсөтүүгө коюу; 4. *что* (*проставить*) коюу, коюп чыгуу; **выставить отметки** баа коюп чыгуу; 5. *кого-что* (*предъявить, предложить*) көрсөтүү, коюу; **выставить кандидатуру** кандидатура көрсөтүү; **выставить требования** талап коюу; 6. *кого-что* (*выделить, послать*) берүү, чыгаруу; **выставить армию** армия берүү; 7. *кого-что, перен.* (*показать, представить*) көрсөтүү; **выставить в дурном свете** жамандап көрсөтүү; 8. *кого, перен. разг.* (*прогнать*) кууп чыгуу.

**ВЫ'СТАВИТЬСЯ** *сов. разг.* (*высунуться наружу*) боюн чыгаруу, башын чыгаруу; **он выставился из окна** ал терезеден башын чыгарды.

**ВЫ'СТАВКА** *ж.* 1. (*действие*) чыгаруу, чыгарып алуу; 2. (*действие*) көрсөтүүгө коюу; 3. (*выставленные предметы*) көргөзмө, көрсөтмө; **я осмотрел всю выставку** көргөзмөнү бүт көрүп чыктым; 4. (*место*) көргөзмө; **пойти на выставку** көргөзмөгө баруу; **Всесоюзная сельскохозяйственная выставка** Бүткүл Союздук Айыл Чарба Көргөзмөсү; **художественная выставка** көркөм көргөзмө.

**ВЫСТАВЛЕ'НИЕ** *ср.* көрсөтүү; **выставление кандидата** кандидат көрсөтүү.

**ВЫСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **выставить.**

**ВЫСТАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выставиться;** 2. *страд. к* **выставлять.**

**ВЫ'СТАВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **выставка**-*га т.*; **выставочный павильон** көргөзмө павильону.

**ВЫСТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **выстоять.**

**ВЫСТА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **выстояться.**

**ВЫ'СТЕГАТЬ** *сов. что* шыруу, шырып тигүү, кабуу, кабып тигүү; **выстегать одеяло** жууркан кабуу.

**ВЫСТИЛА'ТЬ** *несов. см.* **выстлать.**

**ВЫ'СТИРАТЬ** *сов. что* (кир) жуу.

**ВЫ'СТЛАТЬ** *сов. что* төшөө, салуу.

**ВЫ'СТОЯТЬ** *сов.* 1. (*простоять на ногах*) туруп туруу; **выстоять два часа** эки саат туруп туруу; 2. (*уцелеть*) туруу, чыдоо; **этот дом ещё выстоит не один год** бул үй дагы бир нече жылга чыдайт; 3. *перен.* (*устоять*) туруштук берүү, туруштук бере алуу; **выстоять против врага** душманга каршы туруштук бере алуу.

**ВЫ'СТОЯТЬСЯ** *сов.* 1. (*приобрести со временем вкус, крепость*) күчүнө келүү; **вино выстоялось в погребе** вино погребде туруп күчүнө келди; 2. (*отдохнуть — о лошади*) суу (*мис. ат*).

**ВЫСТРА'ГИВАТЬ** *несов. см.* **выстрогать.**

**ВЫ'СТРАДАТЬ** *сов.* 1. (*испытать горе*) күйүт тартуу, азап тартуу, кайгы тартуу; **он много выстрадал в жизни** ал турмушта көп азап тартты; 2. *что* (*достигнуть страданиями*) кайгы тартып тилегенине жетүү, азап чегип тилегенине жетүү; **она выстрадала своё счастье** ал азап чегип, бактына жетти.

**ВЫСТРА'ИВАТЬ** I *несов. см.* **выстроить** I.

**ВЫСТРА'ИВАТЬ** II *несов. см.* **выстроить** II.

**ВЫСТРА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выстроиться;** 2. *страд. к* **выстраивать** I, II.

**ВЫ'СТРЕЛ** *м.* атылуу; **ружейный выстрел** мылтыктын атылышы; **звук выстрела** мылтыктын (замбиректин) үнү; **раздался выстрел** мылтыктын (замбиректин) үнү чыкты; **произвести (дать) выстрел** мылтык (замбирек) атуу; ◇ **на выстрел** бута атым.

**ВЫ'СТРЕЛИТЬ** *сов.* атып ийүү, атып жиберүү.

**ВЫСТРИГА'ТЬ** *несов. см.* **выстричь.**

**ВЫ'СТРИЧЬ** *сов. что* алуу, кыркуу; **выстричь клок волос** бир тутам чачты кыркуу.

**ВЫ'СТРОГАТЬ** *сов. что* сүрүү, сүрүп жасоо, жонуу, жонуп жасоо.

**ВЫ'СТРОИТЬ** I *сов. что* (*построить*) куруу, куруп бүтүрүү, тургузуу; **выстроить театр** театр куруу.

**ВЫ'СТРОИТЬ** II *сов. кого-что* (*поставить в строй*) тизүү, катарга тургузуу, стройго тургузуу.

**ВЫ'СТРОИТЬСЯ** *сов.* тизилүү, катарга тизилүү, стройго тизилүү; **физкультурники выстроились** физкультурниктер стройго тизилди.

**ВЫ'СТРОЧИТЬ** *сов. что* каюу, кайып тигүү.

**ВЫ'СТУДИТЬ** *сов. что, разг.* суутуу, салкындатуу, муздатуу; **выстудить помещение** үйдү суутуу.

**ВЫСТУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **выстудить.**

**ВЫ'СТУКАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*напр. больного*) кагып тыңшоо (*мис. ооруну*); 2. *что* (*передать стуками*) тыкылдатып кагып билдирүү.

**ВЫСТУ'КИВАНИЕ** *ср.* (*напр. больного*) кагып тыңшоо (*мис. ооруну*).

**ВЫСТУ'КИВАТЬ** *несов. см.* **выстукать.**

**ВЫ'СТУП** *м.* уркуюп турган жер, чыгып турган жер, салаңдап турган жер; **выступ скалы** зооканын уркуюп турган жери; **выступ стены** дубалдын уркуюп турган жери.

**ВЫСТУПА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **выступить;** 2. (*образовывать выступ*) салаңдап туруу, уркуюп туруу, алдыга чы

www.bizdin.kg

гып туруу; 3. (*плавно и медленно ходить*) салмак менен жай басуу (жүрүү).

**ВЫ'СТУПИТЬ** *сов.* 1. (*выйти вперёд*) илгери чыгуу, басып алга чыгуу; **из стро́я вы́ступили доброво́льцы** добровольцтер стройдон алдыга чыгышты; 2. (*отправиться*) чыгуу, жөнөө; **полк вы́ступил в похо́д** полк походго чыкты; 3. (*выйти за пределы*) чыгуу, жайпоо, ташуу; **река́ вы́ступила из берего́в** суу жээктен чыкты (ташыды); 4. (*публично исполнить, высказаться*) чыгуу, жазуу, чыгып сүйлөө; **вы́ступить на сце́не** сахнага чыгуу; **вы́ступить в печа́ти** басма бетинде айтып чыгуу, **вы́ступить на собра́нии** жыйналышта чыгып сүйлөө; **вы́ступить по ра́дио** радиодо чыгып сүйлөө; **вы́ступить с ре́чью** сүйлөп чыгуу; **вы́ступить в ро́ли** *кого-л. биреөнүн* ролунда чыгуу; **вы́ступить с проте́стом** каршы чыгып сүйлөө; 5. (*проступить*) чыгуу, кылгыруу; **на лбу вы́ступили ка́пли по́та** тер тамчылары чекеге чыкты, чеке тердеди; **на глаза́х вы́ступили слёзы** көзүнөн жаш кылгырды; **у больно́го вы́ступила сыпь** оорунун этине исиркек чыкты.

**ВЫСТУПЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*отправление*) жолго чыгуу; **прика́з о выступле́нии** жолго чыгуу жөнүндө приказ; 2. (*действие*) чыгуу; **революцио́нные выступле́ния** революциячыл чыгыштар; 3. (*публичное исполнение, высказывание*) чыгуу, чыгып сүйлөө, жазуу; **выступле́ние арти́стов** артисттердин чыгышы; **выступле́ние журнали́ста в газе́те** журналисттин газетага жазышы; **выступле́ние ора́тора** оратордун чыгып сүйлөшү.

**ВЫ'СУНУТЬ** *сов. что* чыгаруу, чыгарып соймондотуу; ◇ **нельзя́ но́су вы́сунуть (и́з дому)** *разг.* (үйдөн) башты кылтайтууга да болбойт; **бежа́ть вы́суня язы́к** *разг.* жан-алакетке түшүп чуркоо, алынын бардыгынча жүгүрүү; акактап жүгүрүү.

**ВЫ'СУНУТЬСЯ** *сов.* чыгуу, башты чыгаруу; **вы́сунуться из окна́** терезеден башты чыгаруу.

**ВЫСУ'ШИВАНИЕ** *ср.* кургатуу.

**ВЫСУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **вы́сушить.**

**ВЫСУ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́сушиться;** 2. *страд.* к **высу́шивать.**

**ВЫ'СУШИТЬ** *сов.* 1. *что* (*сделать сухим*) кургатуу; **вы́сушить бельё** кир кургатуу; 2. *кого, перен.* жүдөтүү, чүнчүтүү, саргартуу, жабыктыруу; **боле́знь вы́сушила ребёнка** оору баланы жабыктырды.

**ВЫ'СУШИТЬСЯ** *сов.* (*высохнуть*) кургоо.

**ВЫ'СЧИТАТЬ** *сов. что* эсептеп чыгуу, эсептеп билүү; **вы́считать су́мму расхо́да** расход суммасын эсептеп чыгуу.

**ВЫСЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́считать.**

**ВЫ'СШИЙ,** -ая, -ее 1. *превосх. ст. от прил.* **высо́кий** жогорку, эң жогорку; **вы́сшая то́чка** эң жогорку точка; 2. (*главный*) жогорку; **вы́сший о́рган госуда́рственной вла́сти** мамлекеттик бийликтин жогорку органы; **вы́сшее кома́ндование** жогорку командование; **вы́сшая инста́нция суда́** соттун жогорку инстанциясы; 3. (*следующий за средним*) жогорку; **вы́сшая шко́ла** жогорку мектеп; **вы́сшее образова́ние** жогорку маалымат; **вы́сшая матема́тика** жогорку математика; ◇ **в вы́сшей сте́пени** эң эле, өтө, аябаган, аябай; **вы́сшая ме́ра наказа́ния** *юр.* жогорку жаза.

**ВЫСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **вы́слать.**

**ВЫ'СЫЛКА** *ж.* 1. (*отправка*) жиберүү; 2. (*административная*) айдап жиберүү (*мис. шаардан, мамлекеттен*).

**ВЫ'СЫПАТЬ** *сов.* 1. *что* төгүү; **вы́сыпать соль из мешка́** тузду мешоктон төгүү; 2. (*о сыпи*) сыртка чыгуу; 3. *перен. разг.* (*о толпе*) жайнап чыгуу, жабалактап чыгуу; **на у́лицу вы́сыпал наро́д** эл көчөгө жайнап чыкты.

**ВЫСЫПА'ТЬ** *несов. см.* **вы́сыпать.**

**ВЫ'СЫПАТЬСЯ** *сов.* төгүлүү, төгүлүп бүтүү.

**ВЫСЫПА'ТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **вы́сыпаться;** 2. *страд.* к **высыпа́ть.**

**ВЫСЫПА'ТЬСЯ** II *несов. см.* **вы́спаться.**

**ВЫСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **вы́сохнуть.**

**ВЫСЬ** *ж.* бийиктик, аба, жогорулук; **недосяга́емая высь сне́жной верши́ны** ак кардуу чокунун асман мелжиген бийиктиги; ◇ **он унёсся мы́слями в за́облачную высь** анын кыялы асмандап кетти.

**ВЫТА'ЛКИВАТЬ** *несов. см.* **вы́толкать, вы́толкнуть.**

**ВЫТА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **вы́топить** II.

**ВЫТА'ПТЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́топтать.**

**ВЫ'ТАРАЩИТЬ** *сов. что:* **вы́таращить глаза́** *разг.* көздү чакчайтуу, көзүн акырайтуу, көзүн чакырайгуу.

**ВЫТА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **вы́тащить.**

**ВЫ'ТАЧАТЬ** *сов. что* кайып тигүү.

**ВЫТА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́точить.**

**ВЫ'ТАЧКА** *ж* таноо (*мис. кийимдин белин*).

**ВЫ'ТАЩИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*вынести*) алып чыгуу, чыгаруу, көтөрүп алып чыгуу; **вы́тащить мешки́ со скла́да** мешокторду складдан алып чыгуу, 2. *что* (*вынуть*) суурул (тартып) чыгаруу, суурул (тартып) алуу, **вы́тащить клеща́ми гвоздь** аттиш менен мыкты суурул алуу; **вы́тащить зано́зу** тикенди суурул алуу (*мис. колдон, тамандан*); 3. *кого, перен.* (*заставить пойти*) болбой жатып бир жакка алып баруу (кетүү), сүйрөп алпаруу, ээрчитип баруу; ◇ **вы́тащить** *кого-л.* **из беды́** *биреөнү* балаадан куткаруу.

**ВЫ'ТВЕРДИТЬ** *сов. что, разг.* жаттоо, кайталап жаттоо, кайталап эсте калтыруу, бышыктоо; **вы́твердить за́данный уро́к** тапшырылган сабакты кайталап жаттоо.

**ВЫТВОРЯ'ТЬ** *несов. что, разг.* кайдагы болбогон нерсени кылуу; **что ты тут вытворя́ешь?** сен мында кайдагы немени кылып жатасың?

**ВЫТЕКА'ТЬ** *несов.* 1. (*литься*) агуу, агып чыгуу; **вода́ вытека́ет из кра́на** суу крандан агат; 2. (*брать начало*) башталуу, агып чыгуу; **э́та река́ вытека́ет из о́зера** бул өзөн көлдөн башталат, 3. *перен.* (*являться следствием*) келип чыгуу; **э́тот вы́вод вытека́ет из ра́нее ска́занного** бул корутунду мурунку айтылгандан келип чыгат.

**ВЫ'ТЕРЕТЬ** *сов. что* 1. (*обтереть*) аарчуу, сүртүп тазалоо; **вы́тереть ру́ки** кол аарчуу; **вы́тереть стол** столду сүртүп тазалоо; 2. (*износить*) сүрүлүү, сүрүлүп жыртылуу, кырылуу, кырылып жыртылуу; **вы́тереть ло́кти на пиджаке́** бешманттын чыканагын сүрүп жыртуу.

**ВЫ'ТЕРЕТЬСЯ** *сов* 1. (*обтереться*) сүртүлүү; 2. (*износиться*) сүрүлүп жыртылуу.

**ВЫ'ТЕРПЕТЬ** *сов. что* 1. (*перенести*) чыдоо, туруштук берүү; 2. (*стерпеть, удержаться*) чыдоо; **я не вы́терпел и сказа́л** мен чыдабай кетип, айтып жибердим.

**ВЫ'ТЕСАТЬ** *сов. что* жонуу, жонуп жылмалоо, жонуп копшоо (*балта менен, чот менен*).

**ВЫТЕСНЕ'НИЕ** *ср.* кысып чыгаруу, сүрүп чыгаруу; **вытесне́ние па́ра электри́чеством** бууну электр күчү менен кысып чыгаруу.

**ВЫ'ТЕСНИТЬ** *сов. кого-что* кысып чыгаруу, сүрүп чыгаруу; **вы́теснить** *кого-л.* **из толпы́** *биреөнү* топтон сүрүп чыгаруу; **вы́теснить жи́дкость** *физ.* суюктукту кысып чыгаруу.

**ВЫТЕСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́теснить.**

**ВЫ'ТЕЧЬ** *сов. см.* **вытека́ть.**

**ВЫТИРА'ТЬ** *несов. см.* **вы́тереть.**

**ВЫТИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́тереться;** 2. *страд.* к **вытира́ть.**

**ВЫ'ТИСНИТЬ** *сов. что бир нерсенин* бетине басуу аркылуу сүрөт салуу *же* жазуу; наар түшүрүү; **вы́тиснить на́дпись на мета́лле** металлдын бетине басуу аркылуу жазуу түшүрүү.

**ВЫТИСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́тиснить.**

**ВЫ'ТКАТЬ** *сов. что* токуу, согуу; **вы́ткать узо́р на ска́терти** дасторкондун бетине токуп сайма саюу.

**ВЫ'ТОЛКАТЬ** *сов. см.* **вы́толкнуть.**

www.bizdin.kg

**ВЫ'ТОЛКНУТЬ** *сов. кого-что* чыгара түртүү, түртүп чыгаруу, итерип чыгаруу; **вытолкнуть** *кого-л.* **из комнаты** *бирөөнү* бөлмөдөн түртүп чыгаруу.

**ВЫ'ТОПИТЬ** I *сов. что* (*протопить*) жагып ысытуу, жагуу; **вытопить печь** мешти жагып ысытуу.

**ВЫ'ТОПИТЬ** II *сов. что* (*растопить на огне*) сызгыруу; **вытопить сало** май сызгыруу.

**ВЫ'ТОПИТЬСЯ** I *сов.* (*протопиться*) жагып ысытылуу, жагылуу.

**ВЫ'ТОПИТЬСЯ** II *сов.* (*напр. о сале*) сызгырылуу.

**ВЫ'ТОПТАТЬ** *сов. что* тепсөө, тебээлеп жок кылуу, тебээлеп ныктоо; **вытоптать траву** чөптү тепсөө.

**ВЫ'ТОРГОВАТЬ** *сов. что* соодалашып арзан түшүрүп алуу.

**ВЫТОРГО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **выторговать.**

**ВЫ'ТОЧЕННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **выточить;** ◇ **словно выточенный** кол менен жасап койгондой.

**ВЫ'ТОЧИТЬ** *сов. что* (*на токарном станке*) кырып жасоо.

**ВЫ'ТРАВИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*истребить, применяя отраву*) ууктуруу, ууландыруу, уулантып кыруу (өлтүрүү); **вытравить мышей** чычканды уулантып кыруу (*уулуу нерсе берип же сээп кыруу*); 2. *что* (*уничтожить*) курутуу, жоготуу, кетирүү; **вытравить пятно** тамганы жоготуу, тakты кетирүү; 3. *что* (*сделать изображение*) ойдуруу, оюу (*кислота менен ойдуруп сүрөт салуу*); 4. *что* (*произвести потраву*) тепсеп бүлүнтүү, бүлдүрүү, талкалоо, тепсеп жок кылуу, тепсеп бүлдүрүү; **вытравить луг** чабындыны тепсеп жок кылуу; 5. *кого-что, охот.* кууп чыгуу, чыгууга аргасыз кылуу; **вытравить зайца из лесу** коёнду токойдон кууп чыгуу.

**ВЫТРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вытравить.**

**ВЫ'ТРЕБОВАТЬ** *сов.* 1. *что* (*получить по требованию*) талап кылып алуу; **вытребовать нужные документы** керектүү документтерди талап кылып алуу; 2. *кого-что* (*заставить явиться*) чакыртуу, чакыртып келүү; **вытребовать свидетеля в суд** күбөнү сотко чакыртып келүү.

**ВЫ'ТРЕЗВИТЬ** *сов. кого* масын таркатуу, соолуктуруу.

**ВЫ'ТРЕЗВИТЬСЯ** *сов. разг.* масы тароо, соолугуу.

**ВЫТРЕЗВЛЕ'НИЕ** *ср.* масын таркатуу, масы тароо, соолугуу.

**ВЫТРЕЗВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вытрезвить.**

**ВЫТРЕЗВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вытрезвиться;** 2. *страд. к* **вытрезвлять.**

**ВЫТРЯСА'ТЬ** *несов. см.* **вытрясти.**

**ВЫ'ТРЯСТИ** *сов. что* 1. (*высыпать, вывалить*) кагып алуу, силкип түшүрүү, күбүү, күбүп алуу; **вытрясти муку из мешка** унду каптан кагып алуу; 2. (*очистить*) күбүү; **вытрясти ковры** килемдерди күбүү.

**ВЫТРЯ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **вытряхнуть.**

**ВЫ'ТРЯХНУТЬ** *сов. что* күбүү, кагуу, силкүү.

**ВЫТУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **вытурить.**

**ВЫ'ТУРИТЬ** *сов. кого, прост.* айдап чыгуу, кууп чыгуу.

**ВЫТЬ** *несов.* 1. (*напр. о собаке*) улуу; 2. *перен.* улуу, дуулдоо, ызылдоо; **в трубе воет ветер** мордо шамал улуйт (дуулдайт).

**ВЫТЬЁ** *ср. разг.* улуу.

**ВЫТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **вытянуть.**

**ВЫТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вытянуться;** 2. *страд. к* **вытягивать.**

**ВЫ'ТЯЖКА** *ж. хим.* вытяжка (*эритүүчү суюктуктун жардамы менен өсүмдүк жана жандуу организмдердин тканынан алынуучу препарат*).

**ВЫТЯЖНО'Й,** -ая, -ое соруп алуучу, тартуучу, тартып алуучу, тартып чыгаруучу; **вытяжная труба** тартуучу труба; **вытяжной пластырь** соруп алуучу пластырь; **вытяжная вентиляция** бузук абаны тартып чыгаруучу вентиляция.

**ВЫ'ТЯНУТЬ** *сов.* 1. *что* (*растянуть в длину*) созуу; **вытянуть проволоку** сымды созуу; 2. *что* (*выпрямить*) сунуу, созуу; **вытянуть руки** колду созуу, колду сунуу; **вытянуть шею** мойнун созуу; 3. *что* (*всосать, впитать*) тартып алуу, соруп алуу; **пластырь вытянул весь гной** пластырь ириңдин баарын тартып алды; **весь дым вытянуло в трубу** түтүндү бүтүндөй мор тартып кетти; 4. *перен. разг.* (*вытерпеть, выдержать*) чыдоо, түтүү, туруштук бере алуу; **старик долго не вытянет** абышка көпкө чыдай албайт; 5. *кого-что, перен.* (*ударить во всю длину*) берип калуу, салып жиберүү; **вытянуть лошадь кнутом** атты камчы менен салып калуу; ◇ **вытянуть душу** *из кого-л. разг. бирөөнүн* жанын чыгаруу, аргасын кетирүү, кыйноо; **вытянуть все жилы** *из кого-л. разг. бирөөнү* алдан тайдыруу, *бирөөнү* əбдан алсыратуу.

**ВЫ'ТЯНУТЬСЯ** *сов.* 1. (*растянуться*) созулуу, чоюлуу; **материя вытянулась** кездеме чоюлду; **резинка вытянулась** резинка созулду, резинка чоюлду; 2. *разг.* (*вырасти*) өсүп кетүү, өсүп калуу, өсүү; **мальчик вытянулся за лето** бала жай ичинде өсүп калды; 3. (*выпрямиться*) суналуу, созулуу; **вытянуться на постели** төшөктө жатып суналуу; **вытянуться в струнку** какайып, түптүз болуу; ◇ **лицо вытянулось** бети-башы сүймүйө түштү (*мис. күтүлбөгөн жаман кабарды укканда*).

**ВЫ'УДИТЬ** *сов. что* 1. (*удочкой*) кайырмак менен кармап алуу; 2. *перен. разг.* (*выманить*) эптеп түшүрүп алуу, алдап алуу, эптеп кагып алуу.

**ВЫУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **выудить.**

**ВЫ'УТЮЖИТЬ** *сов. что* үтүктөө, үтүк менен таптоо; дазмалдоо; **выутюжить брюки** шым үтүктөө.

**ВЫ'УЧЕНИК** *м.* окуучу (*бирөөнүн жолун жолдоочу*).

**ВЫУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **выучить.**

**ВЫУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **выучиться;** 2. *страд. к* **выучивать.**

**ВЫ'УЧИТЬ** *сов.* 1. *что* билүү, билип алуу, окуп билип алуу, жаттап алуу; **выучить стихотворение** ырды жаттап алуу; 2. *кого-что* үйрөтүү; окутуу; машыктыруу; **он выучил меня игре в шахматы** ал мага шахмат ойноону үйрөттү.

**ВЫ'УЧИТЬСЯ** *сов. чему и с неопр.* (*приобрести знания*) үйрөнүп алуу, үйрөнүү; **выучиться читать** окууга үйрөнүү.

**ВЫ'УЧКА** *ж.* 1. (*действие*) үйрөнүү; окуу; машыгуу; **отдать на выучку** үйрөтүүгө берүү; 2. (*уменье*) үйрөнгөн, машыккан; **хорошая выучка** жакшы маш болгон.

**ВЫ'ФРАНТИТЬСЯ** *сов. разг.* ыгы жок жасанып алуу, аябай жасанып алуу.

**ВЫХА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **выходить** I.

**ВЫ'ХВАТИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*отнять*) жулуп алуу, жулкуп тартып алуу; **выхватить книгу из рук** китепти колдон жулуп алуу; 2. *что* (*вынуть*) сууруп алуу; **выхватить горящую головню из костра** оттон күйүп жаткан чычаланы сууруп алуу; 3. *что, перен.* жулуп алуу; **выхватить цитату из текста** тексттен цитатаны жулуп алуу.

**ВЫХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **выхватить.**

**ВЫ'ХЛЕБАТЬ** *сов. что, разг.* шыпкап ичүү.

**ВЫ'ХЛОП** *м. тех.* выхлоп (*мотордун ичиндеги иштелип бүткөн газдардын сыртка чыгышы*); **выхлоп мотора** мотордун выхлопу.

**ВЫХЛОПНО'Й,** -ая, -ое *тех.* 1. (*отработанный*) пайдаланып бүткөн; **выхлопной газ** пайдаланып бүткөн газ; 2. (*служащий для выхлопа*) пайдаланып бүткөн газды чыгаруучу.

**ВЫ'ХЛОПОТАТЬ** *сов. что* суранып жүрүп алуу, артынан түшүп жүрүп алуу.

**ВЫ'ХОД** *м.* 1. (*действие*) чыгуу; **выход книги в свет** китептин жарыкка чыгышы; **выход актёра на сцену** актёрдун сахнага чыгышы; 2. (*место*) эшик; чыгуучу жер; **запасный выход** чыгуучу запас эшик; **стоять у выхода**

www.bizdin.kg

чыга турган жерде туруу, эшиктин алдында туруу; 3. *перен.* жол табуу, айла табуу; **найти выход из трудного положения** кыйын абалдан жол таап чыгуу; 4. *эк.* (*количество продукта*) чыгыш, түшүм; **выход зерна с гектара** эгиндин бир гектардан түшкөн түшүмү; ◇ **дать выход** *чему-л.* *бир нерсеге* жол берүү; бүт айтууга өзүнө эрк берүү, тилин тартпай ичиндегисинин баарын айтуу *ж. б.*; **знать все ходы и выходы** *разг.* жолун билүү, эбин табуу.

**ВЫ'ХОДЕЦ** *м.* 1. (*из другой страны*) келген, чыккан (*кандайдыр бир башка элден же өлкөдөн экинчи бир элге же өлкөгө келип кошулган адам*); 2. (*из другой социальной группы*) чыккан адам (*башка бир коомдук топтон чыккан адам*); **выходец из крестьян** дыйкандардын арасынан чыккан адам.

**ВЫХО'ДИТ** *разг.* 1. *в знач. сказ. с союзом «что»* (*оказывается*) экен да; **выходит, что я был неправ** меники туура эмес экен да; 2. *в знач. вводн. сл.* (*стало быть, следовательно*) демек; **вывод этот, выходит, был правилен** демек, бул корутунду туура болгон экен.

**ВЫ'ХОДИТЬ** I *сов.* 1. *кого* (*излечить уходом*) багып айыктыруу; **выходить больного ребёнка** оору баланы багып айыктыруу; 2. *кого-что* (*вырастить*) тарбиялап өстүрүү, багып өстүрүү; **выходить тепличное растение** теплицада өсүүчү өсүмдүктү багып өстүрүү.

**ВЫ'ХОДИТЬ** II *сов. что, разг.* (*исходить всё*) кыдырып чыгуу.

**ВЫХОДИ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **выйти**; 2. (*быть обращённым куда-л.*) карап туруу, карата чыгуу; **окна выходят в сад** терезе бак жакты карап турат.

**ВЫ'ХОДКА** *ж.* кылык-жорук, кылык; **глупая выходка** акмактык кылык; **ребяческая выходка** балалык кылык.

**ВЫХОДНО'Й**, -ая, -ое 1. (*служащий для выхода*) чыгуучу; **выходная дверь** чыгуучу эшик; 2. (*парадный*) майрамдарда, кечээлерде, дем алышта кийилүүчү; **выходной костюм** демейде кийилбей турган костюм; ◇ **выходной день** дем алыш күн; **выходное пособие** иштен чыкканда бериле турган пособие; **выходные сведения** *полигр.* китептин чыгышы жөнүндөгү маалыматтар.

**ВЫХОДЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее *прич. от* **выходить**; ◇ **из ряда вон выходящий** башкалардан таптакыр өзгөчө, башкаларга таптакыр окшобогон; чыгаан, көрүнүктүү; укмуш, укмуштуу.

**ВЫ'ХОЛЕННЫЙ**, -ая, -ое сылап-сыйпап өстүрүлгөн, эркелетип өстүрүлгөн; **выхоленный ребёнок** сылап-сыйпап өстүрүлгөн бала.

**ВЫ'ХОЛИТЬ** *сов. кого-что* сылап-сыйпап өстүрүү, эркелетип өстүрүү; **выхолить ребёнка** баланы сылап-сыйпап өстүрүү.

**ВЫ'ХОЛОСТИТЬ** *сов.* 1. *кого* (*обесплодить*) бычуу, биттөө (*эркек малды*); 2. *что, перен.* маанисин кетирүү, мааинисиздендирүү.

**ВЫ'ХУХОЛЬ** *м.* 1. *зоол.* выхухоль (*сууда жашап, курт-кумурска менен тамактануучу, териси кымбат чычкандын бир түрү*); 2. (*мех*) выхухолдун териси.

**ВЫ'ЦАРАПАТЬ** *сов. что* 1. тырмап, чукуп жасоо; тырмап, чукуп жазуу; тырмап, чукуп түшүрүү; **выцарапать надпись на камне** таштын бетине чукуп жазуу; 2. *разг.* (*выдрать*) тырмоо, тырмап алуу, тырмап чукуп алуу; **выцарапать глаза** *кому-л.* *бирөөнүн* көзүн тырмап чукуп алуу.

**ВЫ'ЦВЕСТИ** *сов.* оңуу; **материя выцвела на солнце** кездеме күндө оңуп кетти.

**ВЫЦВЕТА'НИЕ** *ср.* оңуу.

**ВЫЦВЕТА'ТЬ** *несов. см.* **выцвести**.

**ВЫ'ЦЕДИТЬ** *сов. что* 1. (*цедя вылить*) сүзүү, чыпкалоо; **выцедить всё молоко из бидона** бидондогу сүттүн баарын сүзүп алуу; 2. *перен. ирон.* (*выпить*) шимирип ичип коюу.

**ВЫЦЕ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **выцедить**.

**ВЫ'ЧЕКАНИТЬ** *сов. что* согуу; **вычеканить монету** тыйын согуу.

**ВЫЧЁРКИВАТЬ** *несов. см.* **вычеркнуть**.

**ВЫ'ЧЕРКНУТЬ** *сов. кого-что* өчүрүү, өчүрүп таштоо; **вычеркнуть из списка** тизмеден өчүрүп таштоо; **вычеркнуть слово** сөздү өчүрүп таштоо; ◇ **вычеркнуть из памяти** унутуп коюуга тырышуу; **вычеркнуть из своей жизни** өзү үчүн жок деп эсептөө (*мис. бир кишини*).

**ВЫ'ЧЕРПАТЬ** *сов. что* сузуп алуу, сузуп алып түгөтүү; **вычерпать воду из бочки** сууну бочкадан сузуп алып түгөтүү.

**ВЫЧЕ'РПЫВАТЬ** *несов. см.* **вычерпать**.

**ВЫ'ЧЕРТИТЬ** *сов. что* сызып жасоо, сызып түшүрүү; **вычертить план дома** үйдүн планын сызып жасоо (түшүрүү).

**ВЫЧЕ'РЧИВАТЬ** *несов. см.* **вычертить**.

**ВЫ'ЧЕСАТЬ** *сов. что* 1. (*гребнем*) тарап тазалоо, тарап түшүрүү; 2. (*очистить, обработать*) тарап тазалоо; **вычесать лён** зыгырдын буласын тарап тазалоо.

**ВЫ'ЧЕСТЬ** *сов. что* 1. *мат.* алуу, кемитүү; **вычесть два из пяти** бештен экини алуу; 2. (*удержать при расчёте*) кармап калуу; **вычесть задолженность** карызды (бересени) кармап калуу.

**ВЫЧЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **вычесать**.

**ВЫ'ЧЕТ** *м.* 1. (*действие*) чегерүү, кармап калуу, кармоо; **произвести вычет** кармап калуу; 2. (*вычтенная сумма*) кармалган, кармап калынган; **вычет составляет два рубля** кармап калынган акча эки сом; ◇ **за вычетом** *чего-л.* *бир нерсени* чегергенде, алып таштаганда, эсепке киргизбегенде.

**ВЫЧИСЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*подсчёт*) эсептеп чыгаруу, эсептөө; 2. (*то, что вычислено*) эсептеп чыгарылган натыйжа, эсептөө натыйжасы; **мой вычисления таковы** менин эсептеп чыгарган натыйжаларым мына ушундай.

**ВЫЧИСЛИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое эсептеп чыгаруучу; **вычислительная таблица** эсептеп чыгаруучу таблица; **вычислительная машина** эсептеп чыгаруучу машина.

**ВЫ'ЧИСЛИТЬ** *сов. что* эсептеп чыгаруу, эсептөө.

**ВЫЧИСЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вычислить**.

**ВЫ'ЧИСТИТЬ** *сов. что* тазалоо, тазартуу; **вычистить платье** көйнөк тазалоо.

**ВЫ'ЧИСТИТЬСЯ** *сов.* тазалануу.

**ВЫЧИТА'ЕМОЕ** *ср. мат.* кемитүүчү.

**ВЫЧИТА'НИЕ** *ср. мат.* алуу, кемитүү; **правила вычитания** алуу эрежелери.

**ВЫ'ЧИТАТЬ** *сов. что* 1. (*читая узнать*) окуп билүү; **вычитать новое сообщение в газете** газетадан жаңы кабарды окуп билүү; 2. (*читая выправить*) окуп оңдоо, окуп түзөтүү; **вычитать рукопись перед набором** кол жазманы терүүдөн мурун окуп түзөтүү.

**ВЫЧИТА'ТЬ** *несов. см.* **вычесть**.

**ВЫЧИЩА'ТЬ** *несов. см.* **вычистить**.

**ВЫЧИЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вычиститься**; 2. *страд. к* **вычищать**.

**ВЫ'ЧУРНО** *нареч.* ыксыз коолдоп; **вычурно говорить** ыксыз коолдоп сүйлөө.

**ВЫ'ЧУРНОСТЬ** *ж.* ыксыз коолдук.

**ВЫ'ЧУРНЫЙ**, -ая, -ое ыксыз кооз; **вычурный стиль** ыксыз кооз стиль.

**ВЫША'ГИВАТЬ** *несов. разг.* салмак менен басуу.

**ВЫ'ШВЫРНУТЬ** *сов. кого-что, разг.* ыргытып таштоо, ыргытып жиберүү, кууп таштоо.

**ВЫ'ШЕ** 1. *сравн. ст. от прил.* **высокий** *и нареч.* **высоко** өйдөрөөк, бийигирээк, жогорураак; **эта скамейка выше той** бу скамейка тигинден бийигирээк; 2. *нареч.* (*в предшествующем тексте*) жогору жакта, жогоруда; **как говорилось выше** жогоруда (жогору жакта) айткандай; 3. *предлог с род. п.* (*сверх*) жогору, жогорку, өйдө, бийик; **температура выше нуля** температура нулдан жогору;

www.bizdin.kg

**дети в во́зрасте вы́ше семи́ лет** жетиден жогорку жаштагы балдар; 4. *предлог с род. п.* (*вверх по течению*) жогору, өйдө.

**ВЫШЕ-** *татаал сөздөрдүн «мурун, башында, жогоруда, мурда» дегенди билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **вышена́званный** жогоруда аталган.

**ВЫШЕИЗЛО'ЖЕННЫЙ,** -ая, -ое жогоруда айтылган; **вышеизло́женные до́воды** жогоруда айтылган далилдер.

**вы́шел, вы́шла, вы́шло, вы́шли** *прош. вр. от* **вы́йти.**

**ВЫШЕНА'ЗВАННЫЙ,** -ая, -ое жогоруда аталган; **вышена́званная кни́га** жогоруда аталган китеп.

**ВЫШЕОЗНА'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое жогоруда көрсөтүлгөн.

**ВЫШЕПОИМЕНО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое *офиц.* жогоруда аты аталган.

**ВЫШЕПРИВЕДЁННЫЙ,** -ая, -ое жогоруда келтирилген; **вышеприведённый приме́р** жогоруда келтирилген мисал.

**ВЫШЕСКА'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое жогоруда айтылган.

**ВЫШЕСТОЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее жогору турган, жогорку; **вышестоя́щие о́рганы госуда́рственного управле́ния** мамлекеттик башкаруунун жогорку органдары.

**ВЫШЕУКА'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое жогоруда көрсөтүлгөн.

**ВЫШЕУПОМЯ'НУТЫЙ,** -ая, -ое жогоруда айтылган; **вышеупомя́нутое собы́тие** жогоруда айтылган окуя.

**ВЫШИБА'ТЬ** *несов. см.* **вы́шибить.**

**ВЫ'ШИБИТЬ** *сов.* 1. *что* (*выбить*) кагып чыгаруу, кагып түшүрүү, ыргыта коюу, чыгара коюу; **вы́шибить дверь** эшикти кагып чыгаруу; 2. *кого, перен.* (*выгнать*) айдап чыгуу, кууп чыгуу.

**ВЫШИВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **вышива́льные принадле́жности** сайманын аспаптары; **вышива́льная маши́на** саймалоочу машина.

**ВЫШИВА'ЛЬЩИЦА** *ж.* саймачы аял.

**ВЫШИВА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) саймалоо, саюу, сайма саюу; 2. (*вещь*) сайма.

**ВЫШИВА'ТЬ** *несов. см.* **вы́шить.**

**ВЫ'ШИВКА** *ж.* 1. (*действие*) саймалоо, саюу, сайма саюу; **иску́сство вы́шивки** сайма саюу искусствосу; 2. (*вышитый узор*) сайма.

**ВЫШИНА'** *ж.* 1. (*высота*) бийиктик; **вышино́й в два́дцать ме́тров** бийиктиги жыйырма метр; 2. (*высь*) асман, көк; **орёл пари́л в вышине́** бүркүт асманда каалгып учуп жүрдү.

**ВЫ'ШИТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **вы́шить;** 2. *прил.* саймаланган, сайылган; **вы́шитый воротни́к** саймаланган жака.

**ВЫ'ШИТЬ** *сов. что* саймалоо, саюу, сайма саюу; **вы́шить портре́т на тка́ни** кездемеге портрет саюу; **вы́шить кисе́т** тамеки салгыч баштыкты саймалоо.

**ВЫ'ШКА** *ж.* 1. (*пристройка наверху здания*) вышка (*жасалма бийик секи*); 2. (*башня*) вышка, мунара; **бурова́я вы́шка** *тех.* бургулоо вышкасы; **стоя́ть на вы́шке** мунарага (вышкага) чыгып туруу.

**ВЫ'ШКОЛИТЬ** *сов. кого, разг.* үйрөтүү; тартипке үйрөтүү.

**ВЫ'ШУТИТЬ** *сов. кого-что, разг.* тамаша кылуу, шылдыңдоо.

**ВЫШУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́шутить.**

**ВЫЩЕЛА'ЧИВАНИЕ** *ср. хим.* суюктуктун жардамы менен кандайдыр кошундудан ошол суюктукта эрүүчү нерсени ажыратуу.

**ВЫЩЕЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **вы́щелочить.**

**ВЫ'ЩЕЛОЧИТЬ** *сов. что, хим.* суюктуктун жардамы менен кандайдыр кошундудан ошол суюктукта эрүүчү нерсени ажыратуу.

**ВЫ'ЩИПАТЬ** *сов. что* жулуу; **вы́щипать траву́** чөп жулуу; **вы́щипать пе́рья** жүнүн жулуу (*куштун*).

**ВЫ'ЩИПНУТЬ** *сов. что* жулуп алуу.

**ВЫЩИ'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **вы́щипать, вы́щипнуть.**

**ВЫ'ЯВИТЬ** *сов. кого-что* табуу, ачуу, ачып көрсөтүү; **вы́явить тала́нт** талант таап көрсөтүү; **вы́явить недоста́тки в рабо́те** иштеги кемчиликти ачып көрсөтүү.

**ВЫ'ЯВИТЬСЯ** *сов.* ачылуу, айкын болуу, билинүү.

**ВЫЯВЛЕ'НИЕ** *ср.* табуу, ачып көрсөтүү.

**ВЫЯВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́явить.**

**ВЫЯВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́явиться;** 2. *страд. к* **выявля́ть.**

**ВЫЯСНЕ'НИЕ** *ср.* ачуу, айкын кылуу, билүү.

**ВЫ'ЯСНИТЬ** *сов. что* ачуу, айкын кылуу, билүү.

**ВЫ'ЯСНИТЬСЯ** *сов.* ачылуу, ачык болуу, айкын болуу, билинүү; **де́ло вы́яснилось** иш ачык болду.

**ВЫЯСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **вы́яснить.**

**ВЫЯСНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **вы́ясниться;** 2. *страд. к* **выясня́ть.**

**вьётся** *наст. вр. от* **ви́ться.**

**вью, вьёшь** *и т. д. наст. вр. от* **вить.**

**ВЬЮ'ГА** *ж.* бурганак, алай-дүлөй (*кар аралаш бороон*).

**ВЬЮК** *м.* жүк (*унаага артылган жүк*).

**ВЬЮН** *м.* 1. (*рыба*) вьюн (*балыктын бир түрү*); 2. *перен.* тынч тура албаган, жылпылдаган (*мис. адам*).

**ВЬЮНО'К** *м. бот.* чырмоок.

**ВЬЮ'ЧИТЬ** *несов. кого-что* жүктөө, артуу; **вью́чить верблю́да** төөгө жүк жүктөө.

**ВЬЮ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое жүк артылуучу, жүктөлүүчү (*унаа*); **вью́чная ло́шадь** жүк артылуучу ат; **вью́чное живо́тное** жүк жүктөлүүчү мал (*унаа*); **вью́чное седло́** ыцырчак.

**ВЬЮ'ШКА** *ж.* мордун (трубанын) тешигин жабуучу калак темир.

**ВЬЮ'ЩИЙСЯ,** -аяся, -ееся 1. *прич. от* **ви́ться;** 2. *прил.* чырмалгыч, тармалдануучу, чырмалуучу, тармал; **вью́щиеся во́лосы** тармал чач; **вью́щиеся расте́ния** чырмалгыч өсүмдүктөр, чырмалып чыга турган өсүмдүктөр.

**вяжу́, вя́жешь** *и т. д. наст. вр. от* **вяза́ть.**

**ВЯ'ЖУЩИЙ,** -ая, -ее куруштуруучу; **вя́жущий вкус** оозду куруштуруучу даам.

**ВЯЗ** *м.* кара жыгач.

**ВЯЗА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое токугуч; **вяза́льный крючо́к** токугуч илме шибеге; **вяза́льная спи́ца** токугуч ийне.

**ВЯЗА'ЛЬЩИК** *м.* сокмочу, токуучу.

**ВЯЗА'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **вяза́льщик.**

**ВЯЗА'НИЕ** *ср.* (*действие*) согуу, токуу.

**ВЯЗА'НКА** *ж.* таңгак, таңык; **вяза́нка дров** бир таңгак отун.

**ВЯ'ЗАНЫЙ,** -ая, -ое согулган, токулган; **вя́заные рукави́цы** токулган (согулган) мээлей (колкап).

**ВЯЗА'НЬЕ** *ср.* (*изделие*) согулган нерсе, токулган нерсе.

**ВЯЗА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*стягивать верёвкой*) байлоо, боолоо; **вяза́ть ру́ки** кол байлоо; **вяза́ть снопы́** боо боолоо, боо байлоо; 2. *что* (*плести крючком, спицами*) токуу, согуу; **вяза́ть чулки́** чулки (байпак) токуу; 3. *что* (*скреплять*) орнотуу, карматуу; **вяза́ть кирпичи́ цеме́нтом** кирпичтерди цемент менен карматуу; 4. *безл.* (*быть вяжущим*) куруштуруу; **от зелёного я́блока вя́жет во рту** көк алма оозду куруштурат.

**ВЯЗА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *с чем* (*согласоваться*) байланышуу, туура келүү; **его́ слова́ пло́хо вя́жутся с ра́нее ска́занным** анын сөзү мурунку айтканына байланышпайт; 2. *страд. к* **вяза́ть;** ◇ **де́ло не вя́жется** *разг.* иш кыйшактап турат, иш оңуна келбей турат.

**ВЯ'ЗКА** *ж.* 1. байлоо; **вя́зка снопо́в** боо байлоо, 2. (*спицами, крючком*) токуу, согуу.

**ВЯ'ЗКИЙ,** -ая, -ое 1. (*тягучий*) илээшкен, илээшкек, жабышкак; **вя́зкая гли́на** жабышкак ылай; 2. (*топкий*) тартма, сормо (*мис. саз*).

**ВЯ'ЗКОСТЬ** *ж.* илээшкичтик, жабышкактык; **вя́зкость по́чвы** топурактын жабышкактыгы.

www.bizdin.kg

**ВЯ'ЗНУТЬ** *несов.* тыгылуу, батуу; **но́ги вя́знут в боло́те** бут сазга тыгылат.

**ВЯЗЬ** *ж. лингв.* вязь (*тамгалары бири-бири менен кучакташкан жазуунун бир түрү*); **э́та стари́нная ру́копись напи́сана вя́зью** бул эски кол жазма вязь жазуусу менен жазылган.

**ВЯ'ЛЕНИЕ** *ср.* кактоо, күнгө кактап кургатуу, кургатуу, как кылуу, сүрсүтүү.

**ВЯ'ЛЕНЫЙ**, -ая, -ое күнгө кактап кургатылган, какталган, сүрсүтүлгөн; **вя́леная ры́ба** күнгө кактап кургатылган балык.

**ВЯ'ЛИТЬ** *несов. что* кактоо, күнгө кактап кургатуу, кургатуу, как кылуу, сүрсүтүү.

**ВЯ'ЛИТЬСЯ** *несов.* күнгө какталып кургоо, какталуу, сүрсүү; **ры́ба вя́лится на со́лнце** балык күнгө какталып кургатылат.

**ВЯ'ЛО** *нареч.* кош көңүл болуп, көңүлсүз, ылдырап, кыбырап; **вя́ло говори́ть** ылдырап сүйлөө.

**ВЯ'ЛОСТЬ** *ж.* кош көңүлдүк, ылдырагандык, кыбырагандык, бошоңдук, жүүнү боштук.

**ВЯ'ЛЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*увядший*) солуган; **вя́лые цветы́** солуган гүлдөр; **2.** *перен.* кош көңүл, ылдыраган, бошоң, жүүнү бош; **вя́лое настрое́ние** көңүлсүздүк, көңүл ачылбоо.

**ВЯ'НУТЬ** *несов.* **1.** солуу; **цветы́ вя́нут без воды́** гүл суусуз солуйт; **2.** *перен.* шалдырап алсыроо; ◇ **у́ши вя́нут** *разг.* кулак уялат, адам уккус (*болбогон сөз*).

**ВЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее *уст.* өтө чоң, өтө күчтүү; **для вя́щего удово́льствия** өтө канааттануу үчүн.

# Г

**ГА** *ср. нескл.* га (*«гектар» деген сөздөн кыскартылган*).

**ГАБАРДИ'Н** *м.* габардин (*жүндөн токулган кездеменин бир түрү*).

**ГАБАРИ'Т** *м.* габарит (**1.** *нерселердин, мис. вагондун, машинанын ж. б. толук сырткы көрүнүшү*; **2.** *темир жолдун рельстеринен белгилүү алыстыкта турган аралык; бу аралыкка эч кандай курулуш салууга болбойт*).

**ГА'ВАНЬ** *ж.* гавань (*деңиздин жээгинде пароходдор токтоп, жүк салып, жүк түшүрүү үчүн арналган жай*).

**ГА'ВКАТЬ** *несов. разг.* үрүү, арсылдоо (*мис. ит*).

**ГА'ВКНУТЬ** *однокр. разг.* арс этүү, арс этип үрүү.

**ГА'ГА** *ж. зоол.* гага (*түндүк деңиздеги куштардын бир түрү*).

**ГАГА'РА** *ж. зоол.* гагара (*түндүк деңиздеги сууда жүрүүчү ири куш*).

**ГАГА'ЧИЙ**, -ья, -ье **гага**-*га т.*; **гага́чий пух** гага мамыгы.

**ГАД** *м.* **1.** сойлоочу жана жерде-сууда жашоочу жаныбар (*мис. жылан, бака ж. б.*); **2.** *перен. презр.* кара мүртөз, арамза, жаман киши.

**ГАДА'ЛКА** *ж.* балчы аял, төлгөчү аял.

**ГАДА'НИЕ** *ср.* **1.** (*предсказание*) бал ачуу, төлгө салуу; **2.** (*предположение*) божомолдоо, жоромолдоо, жоруу.

**ГАДА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое божомолдуу, жоромолдуу, күмөндүү; **гада́тельные вы́воды** божомолдуу корутундулар.

**ГАДА'ТЬ** *несов.* **1.** (*предсказывать*) бал ачуу, төлгө салуу, төлгө тартуу; **2.** (*предполагать*) божомолдоо, жоромолдоо, жоруу.

**ГА'ДИНА** *ж. см.* **гад 2.**

**ГА'ДИТЬ** *несов. разг.* **1.** (*пачкать*) булгоо, заңдоо; **2.** *кому-чему* (*вредить*) жамандык кылуу, зыянкечтик кылуу, бузуу.

**ГА'ДКИЙ**, -ая, -ое кара мүртөз, арамза, жаман; **га́дкий челове́к** жаман киши.

**ГА'ДКО** *нареч.* жаман, жийиркенткич.

**ГАДЛИ'ВОСТЬ** *ж.* жийиркеничтүүлүк.

**ГАДЛИ'ВЫЙ**, -ая, -ое жийиркеничтүү; **гадли́вое чу́вство** жийиркеничтүү сезим.

**ГА'ДОСТЬ** *ж.* **1.** (*подлость*) кара мүртөздүк, арамзалык, жүзү каралык; **де́лать га́дости** жүзү каралык кылуу; **2.** *разг.* (*о предмете, вызывающем отвращение*) жийиркеничтүү нерсе.

**ГАДЮ'КА** *ж.* **1.** *зоол.* кара чаар жылан; **2.** *перен.* (*обычно о женщине*) кара чаар жылан, заардуу.

**ГА'ЕЧНЫЙ**, -ая, -ое **гайка**-*га т.*; гайкалык; **га́ечный ключ** *тех.* гайка ачкычы.

**га́же** *сравн. ст. от прил.* **га́дкий** *и нареч.* **га́дко.**

**га́жу, га́дишь** *и т. д. наст. вр. от* **га́дить.**

**ГАЗ** I *м.* **1.** *хим.* газ (*аба түрүндөгү зат*); **углеки́слый газ** көмүр кычкыл газы; **свети́льный газ** жарык кылуучу газ; **ядови́тый газ** уулантуучу газ; **уду́шливый газ** тумчуктуруучу газ; **слезоточи́вый газ** көздөн жаш агызуучу газ; **2. га́зы** *мн.* (*в кишечнике*) ичегидеги жел.

**ГАЗ** II *м.* (*ткань*) газ (*жука жибек кездеме*).

**ГАЗГО'ЛЬДЕР** *м. тех.* газгольдер (*газ сакталуучу резервуар*).

**ГАЗЕ'ЛЬ** I *ж. зоол.* газель (*элик сыяктуу айбан*).

**ГАЗЕ'ЛЬ** II *ж. лит.* казал (*чыгыш элдеринин ырынын бир түрү*).

**ГАЗЕ'ТА** *ж.* газета; **стенна́я газе́та** дубал газетасы.

**ГАЗЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое **газета**-*га т.*; газеталык; **газе́тная статья́** газеталык макала; **газе́тный рабо́тник** газета кызматкери; **газе́тная бума́га** газеталык кагаз.

**ГАЗЕ'ТЧИК** *м.* **1.** (*продавец газет*) газета сатуучу; **2.** *разг.* (*сотрудник газеты*) газета кызматкери.

**ГАЗИ'РОВАНИЕ** *ср.* газдаштыруу; **газирование напи́тков** ичимдиктерди газдаштыруу.

**ГАЗИРО'ВАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **гази́ровать;** **2.** *прил.* газдалган; **газиро́ванная вода́** газдалган суу.

**ГАЗИ'РОВАТЬ** *несов. что* газдаштыруу (*ичине газ киргизүү*); **гази́ровать во́ду** сууну газдаштыруу.

**ГАЗИРО'ВКА** *ж. разг.* газдалган суу.

**ГАЗИФИКА'ЦИЯ** *ж.* **1.** газификация, газификациялоо, газдаштыруу (*катуу отунду* (*таш көмүрдү, чым көңдү, жыгач отунду, сланецти*) *күйүүчү газга айландыруу*); **газифика́ция ка́менного у́гля** таш көмүрдү газдаштыруу; **2.** газификациялоо, газдаштыруу (*газ менен жылытуу; газды отун ордуна колдонуу*); **газифика́ция Москвы́** Москваны газификациялоо.

**ГАЗИФИЦИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **газифици́ровать;** **2.** *прил.* газдаштырылган; **газифици́рованный дом** газдаштырылган үй.

**ГАЗИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* газификациялоо, газдаштыруу.

**ГА'ЗОВЫЙ** I, -ая, -ое **газ** I-*ге т.*; газдык; **га́зовое освеще́ние** газ менен жарык кылуу; **га́зовый заво́д** газ заводу; **га́зовый счётчик** газ счётчиги; **га́зовая коло́нка** газ колонкасы; **га́зовая турби́на** газ турбинасы.

**ГА'ЗОВЫЙ** II, -ая, -ое **газ** II-*ге т.*; **га́зовое пла́тье** газ көйнөк.

**ГАЗОГЕНЕРА'ТОР** *м. тех.* газогенератор (*катуу отунду күйүүчү газга айландыруучу аппарат*).

**ГАЗОЛИ'Н** *м.* газолин (*иштелбеген бензин*).

**ГАЗОМЕ'Р** *м. тех.* газомер (*газдын расходун өлчөөчү аппарат*).

**ГАЗОМЕ'ТР** *м.* газометр (*химиялык лабораторияларда— ар түрдүү газдарды жыйоу, сактоо жана алардын көлөмүн өлчөөгө арналган идиш*).

www.bizdin.kg

**ГАЗО'Н** *м.* газон (*бактарда, көчөлөрдүн жээктеринде ж. б. жерлерде жашыл чөп эгилген аянтча*).

**ГАЗОНЕПРОНИЦА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое газ өтпөс; **газонепроница́емая перегоро́дка** газ өтпөс тосмо.

**ГАЗООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое газ сыяктуу, газ түрүндөгү; **газообра́зное состоя́ние** газ түрүндөгү абал; **газообра́зное те́ло** газ түрүндөгү тело.

**ГАЗОПРОВО'Д** *м. тех.* газопровод (*газды бир жерден экинчи жерге жүргүзүүчү трубалардын системасы*).

**ГАЗОТУРБИ'ННЫЙ,** -ая, -ое газотурбиналык; **газотурби́нная электроста́нция** газотурбиналык электростанция.

**ГАЗОУБЕ'ЖИЩЕ** *ср. воен.* газоубежище (*газдан жашынууга арналган жай*).

**ГАЗОХРАНИ'ЛИЩЕ** *ср.* газ сактагыч (*газды сактап жана пайдалануу үчүн аны берип туруучу курулуш*).

**ГАЙДАМА'К** *м.* гайдамак (1. *17—18 кылымдарда — польшалык дворяндарга каршы көтөрүлүштөргө катышкан украиналык казак;* 2. *граждандык согуш мезгилинде — Украинадагы контрреволюциячыл отряддардын солдаты жана офицери*).

**ГАЙДУ'К** *м. ист.* гайдук (*турциялык бийликтин доорунда Балкан менен Венгрияда көтөрүлүшкө катышкан партизан*).

**ГА'ЙКА** *ж.* гайка (*ортосу бурама көзөнөктүү жалпак темир*).

**ГАК** *м. разг.* кошумча, ашык, артык; **ему́ лет со́рок с га́ком** анын жашы кырктан ашык.

**ГАЛАНТЕРЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **галантерея**-*га т.*; **галантере́йные това́ры** галантерея товарлары.

**ГАЛАНТЕРЕ'Я** *ж.* галантерея (*туалеттин майда товарлары: мээлей, лента, тарак ж. б.*).

**ГАЛА'НТНОСТЬ** *ж.* ашыра сыпайылык.

**ГАЛА'НТНЫЙ,** -ая, -ое ашыра сыпайы, ашыра сылык.

**ГАЛДЁЖ** *м. разг.* уу-чуу, чуулдоо, уру-чуру, кыйкырык-сүрөөн, бажылдоо.

**ГАЛДЕ'ТЬ** *несов. разг.* чуулдоо, уру-чуру түшүү, бажылдоо, бадылдоо.

**ГАЛЕ'РА** *ж. ист.* галера (*Батыштагы көп калактуу кеме, мунун калактарын каторгадагы адамдар айдаган*).

**ГАЛЕРЕ'Я** *ж.* 1. галерея (*эки иmаратты кошуучу жана да имаратты бойлото кеткен узун балкон*); 2. галерея (*сүрөттөр көрсөтмөсү үчүн атайын жасалган имарат*); **карти́нная галере́я** сүрөттөр галереясы; 3. *театр.* галерея (*театрдын жогорку ярусу*); 4. *перен.* галерея (*узун катар, тизмек*); **галере́я литерату́рных ти́пов** адабий типтердин галереясы.

**ГАЛЁРКА** *ж. разг.* галёрка (*театрдын жогорку ярусу*).

**ГАЛЕ'ТА** *ж.* галета (*кургатылган жалпак нан*).

**ГАЛИМАТЬЯ'** *ж. разг.* куру сөз, келжиреме, сандырак; **нести́ галиматью́** куру сөз айтуу, келжирөө.

**ГАЛИФЕ'** *ср. нескл.* галифе (*багалеги тар, жогору жагы кең, өтүк менен кийилүүчү шым*).

**ГА'ЛКА** *ж.* таан.

**ГАЛЛО'Н** *м.* галлон (*Англияда суюк жана чубурма заттарды өлчөөчү 4,5 литрге барабар чен*).

**ГА'ЛЛЫ** *мн.* (*ед.* **галл** *м.*) галлдар (*байыркы элдердин бир түрү; бул көбүнчө азыркы Франциянын территориясында жашаган*).

**ГАЛЛЮЦИНА'ЦИЯ** *ж.* галлюцинация (*мээ ишинин бузулгандыгынын аркасында жок нерсени элестеп көрүү, угуу ж. б.*).

**ГАЛЛЮЦИНИ'РОВАТЬ** *несов.* галлюцинациялоо.

**ГАЛОГЕ'НЫ** *мн. хим.* галогендер (*фтор, хлор, бром, йод сыяктуу заттар*).

**ГАЛО'П** *м.* текирең-таскак.

**ГАЛОПИ'РОВАТЬ** *несов.* текирең-таскак менен жүрүү.

**ГАЛО'ПОМ** *нареч.* 1. (*вскачь*) текирең-таскак менен; **скака́ть гало́пом** текирең-таскак менен чабуу; 2. *перен.* (*очень быстро*) абдан катуу кетүү, аттап-буттап кетүү.

**ГА'ЛОЧИЙ,** -ья, -ье **галка**-*га т.*

**ГАЛО'ШИ** *мн.* (*ед.* **гало́ша** *ж.*) көлөч, галош; ◇ **сесть в гало́шу** *см.* **кало́ши.**

**ГА'ЛСТУК** *м.* галстук; **пионе́рский га́лстук** пионер галстугу.

**ГАЛУ'Н** *м.* 1. (*тесьма*) око, околуу тасма; 2. (*нашивка*) галун (*формалуу кийимге околуу тасманын тигилиши*).

**ГАЛУ'ШКИ** *мн.* (*ед.* **галу́шка** *ж.*) галушки (*украинецтердин сүт же сорпого бышырылган үзмө тамагы*).

**ГАЛЬВАНИЗА'ЦИЯ** *ж. физ.* гальванизация, гальванизациялоо (*бир нерседен электр тогун өткөрүү*)

**ГАЛЬВАНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, физ.* гальванизациялоо.

**ГАЛЬВАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гальванизация**-*га т.*; гальвандык; **гальвани́ческий ток** гальвандык ток; **гальвани́ческая батаре́я** гальвандык батарея; **гальвани́ческий элеме́нт** гальвандык элемент.

**ГАЛЬВАНО'МЕТР** *м. физ.* гальванометр (*күчтүү эмес электр тогун өлчөөчү прибор*).

**ГА'ЛЬКА** *ж.* шагыл, майда таш.

**ГАМ** *м. разг.* уу-чуу.

**ГАМА'К** *м.* гамак (*киши жатуучу же отуруучу асма тор*); **кача́ться в гамаке́** гамакка жатып же отуруп термелүү.

**ГАМА'ШИ** *мн.* (*ед.* **гама́ша** *ж.*) гамаши (*балтырга кийилүүчү тамансыз жылуу байпактар*).

**ГАМБИ'Т** *м. шахм.* гамбит (*батыраак чабуулга өтүү максаты менен бир дойбусун же фигурасын тим эле уттуруп ойной баштоо*).

**ГА'ММА** I *ж.* 1. *муз.* гамма (*үндөрдүн ырааты менен жогорулашы же төмөндөшү*); 2. *перен.* гамма (*бир тектеш, бирок көп түргө өзгөрүүчү кубулуштардын, заттардын ырааттуу катары*); **га́мма кра́сок** боёктордун гаммасы.

**ГА'ММА** II *ж.* гамма (*грек алфавитинин үчүнчү тамгасы*).

**ГА'ММА-ЛУЧИ'** *только мн., физ.* гамма-шоолалар (*радиоактивдүү заттар чачыратуучу үч түрдүү шоолалардын бири*).

**ГАНГРЕ'НА** *ж. мед.* гангрена (*дененин бир жеринин өлүү болушу жана чириши*).

**ГАНГРЕНО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **гангрена**-*га т.*; гангреналык.

**ГА'НГСТЕР** *м.* гангстер (*АКШдагы бандиттердин, каракчылардын шайкасына, кесептер тобуна катышуучу кишиге коюлган ат*).

**ГАНДИКА'П** *м. спорт.* 1. гандикап (*күчтүүлөргө теңөө максаты менен начарларга берилген жеңилдик*); 2. аламан, аралаш (*жашына жана жакшы-жаманына карабастан аттарды аралаш чабуу, аламан байге*).

**ГАНТЕ'ЛЬ** *ж. спорт.* гантель (*бири-бирине кыска тутка менен кошулган эки чоюн шар*).

**ГАОЛЯ'Н** *м. бот.* гаолян, кытай конок (*бул өсүмдүк Маньчжурия менен Кытайда көп болот*).

**ГАРА'Ж** *м.* гараж (*автомобилдер менен мотоциклдер тура турган жана аларды ремонт кыла турган жай*).

**ГАРА'НТ** *м.* гарант (*кепил; гарантия берүүчү*).

**ГАРАНТИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое гарантиялык; **гаранти́йный догово́р** гарантиялык договор; **гаранти́йное письмо́** гарантиялык кат.

**ГАРАНТИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **гаранти́ровать;** 2. *прил.* гарантияланган.

**ГАРАНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *что* (*дать гарантию*) гарантиялоо, гарантия берүү; **гаранти́ровать ка́чество това́ра** товардын сапатын гарантиялоо; 2. *кого-что от чего* (*обеспечить*) сактоо; **гаранти́ровать от вся́ких неожи́данностей** ар кандай окуустуктардан сактоо.

**ГАРА'НТИЯ** *ж.* гарантия (*кепилдик*); **в э́том гара́нтия на́шего успе́ха** биздин ийгилигибиздин гарантиясы ушунда; **часы́ с гара́нтией** гарантиялуу саат.

www.bizdin.kg

**ГАРДЕРО'Б** *м.* 1. (*шкаф*) гардероб (*ичине кийим илип коё турган шкаф*); 2. (*одежда*) гардероб, кийим-кечек (*бир адамдын же үй-бүлөнүн бардык кийим-кечеги*); **у негó бóльшóй гардерóб** анын гардеробу мол, кийим-кечеги көп; 3. (*раздевальня*) гардероб (*көпчүлүк үйүндө кийим чечип коё турган жай*).

**ГАРДЕРО'БНАЯ** *ж. уст. см.* **гардерóб** 3.

**ГАРДЕРО'БЩИК** *м.* гардеробчу (*көпчүлүк кийим чечүүчү жердеги кызматкер*).

**ГАРДЕРО'БЩИЦА** *женск. р. к* **гардерóбщик.**

**ГАРДИ'НА** *ж.* гардина (*терезени бүт жабуучу парда*).

**ГАРЕ'М** *м.* гарем (1. *собир. гаремдеги аялдар*; 2. *бай мусулмандардын үйүнүк аялдар туруучу бөлүгү*).

**ГАРЕ'МНЫЙ,** -ая, -ое **гарем**-*ге т.*

**ГА'РКАТЬ** *несов. см.* **гáркнуть.**

**ГА'РКНУТЬ** *однокр.* кыйкыруу, бакыруу.

**ГАРМОНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, муз.* гармониялашуу, үндөштүрүү, үндөрдү айкалыштыруу (*музыкалык чыгарманын аккорддорун гармония эрежелери боюнча айкалыштыруу*).

**ГАРМО'НИКА** *ж.* 1. гармон (*музыкалык инструмент*); 2. (*ряд частых параллельных складок*) катар бүкмө; **сложи́ть лист гармóникой** баракты катардап бүкмөлөө.

**ГАРМОНИ'РОВАТЬ** *несов. с чем* ылайык келүү; **егó словá гармони́руют с егó постýпками** анын сөздөрү кылган иштерине ылайык келет.

**ГАРМОНИ'СТ** *м.* гармончу (*гармон ойноочу*).

**ГАРМОНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **гармония** 1-*ге т.*; 2. *см.* **гармони́чный.**

**ГАРМОНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **гармония** 2-*ге т.*; гармониялуу; **гармони́чное пéние** үндөштүрүп ырдоо, үндөрдү айкалыштырып ырдоо.

**ГАРМО'НИЯ** *ж.* 1. *муз.* гармония (*аккорддорду бири-бирине туура байланыштыруу жөнүндө музыка теориясынын бир бөлүмү*); 2. *перен.* гармония (*келишкендик, туура келгендик, өз ара ылайыкталышыш*); **гармóния крáсок** боёктордун гармониясы.

**ГАРМО'НЬ** *ж. разг. см.* **гармóника.**

**ГАРМО'ШКА** *ж. разг. см.* **гармóника.**

**ГА'РНЕЦ** *м. уст.* гарнец (*революцияга чейинки Россияда — куюлуучу заттардын 3,28 литрге барабар келген чени*).

**ГАРНИЗО'Н** *м. воен.* гарнизон (*шаарда же чепте туруучу аскер бөлүктөрү*).

**ГАРНИЗО'ННЫЙ,** -ая, -ое **гарнизон**-*го т.*; гарнизондук; **гарнизóнная слýжба** гарнизондук кызмат.

**ГАРНИ'Р** *м.* гарнир (*эттен же балыктан жасалган тамакка кошуп бере турган татымал*).

**ГАРНИТУ'Р** *м.* гарнитур (*комплект, толук жыйнак*); **гарнитýр мéбели** мебелдин гарнитуру.

**ГА'РНЦЕВЫЙ,** -ая, -ое: **гáрнцевый сбор** тегирмен каласы.

**ГА'РНЫЙ,** -ая, -ое күйүүгө арналган; **гáрное мáсло** күйүүгө арналган май, чырак майы.

**ГАРПУ'Н** *м.* гарпун (*деңиз айбандарын кармоого арналган найзанын бир түрү*).

**ГАРТ** *м. полигр.* гарт (*типография шрифттары куюла турган коргошун, сурьма жана колодон жасалган эритме*).

**ГА'РУС** *м.* гарус (*жүндөн ийрилген жип*).

**ГА'РУСНЫЙ,** -ая, -ое **гарус**-*ка т.*

**ГАРЦЕВА'ТЬ** *несов.* ат үстүндө алчыланып жүрүү.

**ГАРЬ** *ж.* күйүк, куйкум; **пáхнет гáрью** күйүк (куйкум) жыттанат.

**ГАСИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*тушить*) өчүрүү; **гаси́ть огóнь** отту өчүрүү; 2. *перен.* (*ликвидировать, аннулировать*) төлөө, кутулуу; **гаси́ть задóлженность** карыздан кутулуу; ◇ **гаси́ть и́звесть** акиташ чылоо.

**ГА'СНУТЬ** *несов.* өчүү; **звёзды гáснут** *перен.* жылдыздар өчөт.

**ГАСТРИ'Т** *м.* гастрит (*ич оорунун бир түрү*).

**ГАСТРОЛЁР** *м.* гастролёр (1. *убактысынча ойноо, ырдоо үчүн чакырылган артист*; 2. *перен. кандайдыр бир ишти күтпөгөн жерден жана убактысынча иштөөчү адам*).

**ГАСТРО'ЛИ** *мн.* (*ед.* **гастрóль** *ж.*) гастроль (*четтен келген актёрлордун койгон спектакли*).

**ГАСТРОЛИ'РОВАТЬ** *несов.* башка жерге гастролго баруу.

**ГАСТРО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **гастроли**-*ге т.*; **гастрóльная поéздка** гастролго баруу.

**ГАСТРОНО'М** *м.* гастроном (1. *ар түрдүү тамак сатылуучу магазин*; 2. *даамдуу тамакты жакшы көрүүчү жана анын жайын билүүчү адам*).

**ГАСТРОНОМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гастрономия**-*га т.*; гастрономиялык; **гастрономи́ческие товáры** гастрономиялык товарлар.

**ГАСТРОНО'МИЯ** *ж.* гастрономия (*тамак продуктылары, көбүнчө закускалык тамактар*).

**ГАТИ'ТЬ** *несов. что* жыгач же чырпык төшөө (*жолдун саздуу, тыгылмалуу жерине*).

**ГАТЬ** *ж.* жолдун саздуу, тыгылмалуу жерине жоон жыгачтардан же чырпыктардан жасалган өткөөл.

**ГА'УБИЦА** *ж.* гаубица (*замбиректин бир түрү*).

**ГА'УБИЧНЫЙ,** -ая, -ое **гаубица**-*га т.*; гаубицалуу; **гáубичная батарéя** гаубицалуу батарея.

**ГАУПТВА'ХТА** *ж.* гауптвахта (*согуш кызматкерлери үчүн камак үйү*).

**ГАШЁНЫЙ,** -ая, -ое: **гашёная и́звесть** чыланган акиташ.

**ГАШИ'Ш** *м.* нашаа.

**гашý, гáсишь** *и т. д. наст. вр. от* **гаси́ть.**

**ГВАЛТ** *м.* уу-чуу, бака-шака.

**ГВАРДЕ'ЕЦ** *м.* гвардиячы (*гвардияда аскер кызматындагы адам*).

**ГВАРДЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **гвардия**-*га т.*; гвардиялык; **гвардéйский полк** гвардиялык полк.

**ГВА'РДИЯ** *ж.* гвардия; **Крáсная гвáрдия** *ист.* Кызыл Гвардия; **стáрая гвáрдия** *перен.* эски гвардия (*кандайдыр бир иш майданында сыналган ишмерлер*).

**ГВОЗДИ'КА** *ж.* гвоздика (1. *бот. жыттуу гүл*; 2. *тамакка салуучу жыттуу жыгачтын бүрлөрү*).

**ГВОЗДИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **гвоздь**-*ге т.*; **гвозди́льная маши́на** мык жасоочу машина.

**ГВОЗДИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **гвоздика** 2-*ге т.*; **гвозди́чное мáсло** гвоздика майы.

**ГВОЗДЬ** *м.* мык; ◇ **гвоздь сезóна** белгилүү мезгилде болгон окуялардын эң негизгиси; **и никаки́х гвоздéй!** *разг.* андан башканы айтуунун эч кереги жок!, болду!

**ГДЕ** *нареч.* 1. *вопр.* кайда; **где вы рабóтаете?** сиз кайда иштейсиз?; 2. *относ.* жерде; **там, где я был** мен болгон жерде; ◇ **где емý э́то сдéлать!** анын колунан бул келмек кайда!; **где бы ...** кайда болсо да; **где бы ни ...** кайда болбосун; **где бы то ни́ было** кайда гана болбосун; **где мóжно, а где нельзя́** бир жерде мүмкүн болсо, экинчи жерде мүмкүн эмес.

**ГДЕ'-ЛИБО** *нареч.* кайдадыр, бир жерде.

**ГДЕ'-НИБУДЬ** *нареч.* бир жерде; **гдé-нибудь встрéтимся** бир жерде жолугаарбыз.

**ГДЕ'-ТО** *нареч.* кайдадыр, кайдадыр бир жерде; **гдé-то прозвучáл гудóк маши́ны** кайдандыр машинанын гудогу угулду; **гдé-то он сейчáс?** азыр ал кайда болду экен?

**ГЕГЕЛЬЯ'НЕЦ** *м. филос.* гегелчил (*гегельянствону жактоочу*).

**ГЕГЕЛЬЯ'НСТВО** *ср. филос.* гегельянство (*Гегельдин философиясы жана ошол философиянын негизинде келип чыккан агымдар*).

**ГЕГЕМО'Н** *м.* гегемон (*кандайдыр бир иште жетекчилик ролго ээ болуучу*).

www.bizdin.kg

**ГЕГЕМО'НИЯ** *ж.* гегемония.

**ГЕ'ДЖРА** *ж. см.* **хиджра.**

**ГЕЕ'ННА** *ж. рел.* тозок.

**ГЕЙ** *межд.* ой.

**ГЕ'ЙЗЕР** *м. геол.* гейзер (*кезек-кезек атырылып чыгып турган ысык булак*).

**ГЕ'ЙША** *ж.* гейша (*Японияда чайканада атайын бийлөөчү жана ырдоочу аял*).

**ГЕКЗА'МЕТР** *м. лит.* гекзаметр (*алты стопалуу ыр*).

**ГЕКТА'Р** *м.* гектар (*жер аянтынын метрдик чени, бул — 10 000 чарчы метрге барабар*).

**ГЕКТО'ГРАФ** *м.* гектограф (*кол жазманы же машинкага басылган текстти көбөйтүп көчүрүүчү прибор*).

**ГЕКТОГРАФИ'РОВАТЬ** *несов. что* гектограф менен көчүрүү.

**ГЕКТОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гектограф**-*ка т.*; гектографтык; **гектографи́ческий о́ттиск** гектографтык оттиск.

**ГЕКТОЛИ'ТР** *м.* гектолитр (*суюк жана чубурма заттардын метрдик чени, бул — жүз литрге барабар*).

**ГЕ'ЛИЙ** *м. хим.* гелий (*жеңил газ; бул — абада учуу ишинде колдонулат*).

**ГЕЛИО-** *күнгө, аны изилдөөгө жана пайдаланууга тиешелүү татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү; мис.* **гелиотерапи́я** гелиотерапия.

**ГЕЛИО'ГРАФ** *м.* гелиограф (**1.** *воен. шооланы алыс аралыкка чагылыштырууга негизделген, жарык аркылуу сигнал берүүчү курал, бул — аскерлер ортосунда байланыш үчүн колдонулат;* **2.** *тех. күндүн жарыгын өзүнөн өзү эле жаза бере турган курал;* **3.** *астр. күндү фотографиялай турган курал*).

**ГЕЛИОТЕРАПИ'Я** *ж. мед.* гелиотерапия (*күндүн нуру менен дарылоо*).

**ГЕЛИОТРО'П** *м.* гелиотроп (**1.** *бот. жыттуу гүлдүн бир түрү;* **2.** *мин. минералдын бир түрү;* **3.** *геод. күндүн шооласын чагылыштыруу аркылуу сигнал берүү үчүн колдонулуучу геодезиялык прибор*).

**ГЕЛИОЦЕНТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *астр.* гелиоцентрдик; **гелиоцентри́ческая систе́ма** гелиоцентрдик система (*күндү планеталар айланып жылып жүргөн борбор деп эсептөөчү окуу*).

**ГЕЛЬМИНТО'ЗЫ** *мн.* гельминтоздор (*айбандын жана адамдын организмине гельминттер киргендиктен пайда болгон оорулар*).

**ГЕЛЬМИНТО'ЛОГ** *м.* гельминтолог (*гельминтология жагынан специалист*).

**ГЕЛЬМИНТОЛО'ГИЯ** *ж.* гельминтология (*паразиттик курттарды (глисттерди) жана ошол курттар аркылуу келип чыккан ооруларды изилдөөчү илим*).

**ГЕЛЬМИ'НТЫ** *мн.* (*ед.* **гельми́нт** *м.*) гельминттер (*айбандын жана адамдын организмине кирип, оорууга чалдыктыра турган паразиттик курттар*).

**ГЕ'ММА** *ж. иск.* гемма (*бетинде дөмпөйтүп же чукурайтып жасаган сүрөтү бар таш*).

**ГЕМОГЛОБИ'Н** *м. физиол.* гемоглобин (*кандын кызыл шариктеринен орун алган түс берүүчү зат*).

**ГЕМОРРОИДА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **геморрой**-*го т.*

**ГЕМОРРО'Й** *м.* геморрой (*көтөн чучуктун ичине жара чыгып, канап оорушу*).

**ГЕМОФИЛИ'Я** *ж. мед.* гемофилия (*кандын уюусунун жетишсиздигинен болгон кан токтобогондук*).

**ГЕНЕАЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** ая, -ое **генеалогия**-*га т.*; генеалогиялык; **генеалоги́ческое де́рево** санжыра; **генеалоги́ческая классифика́ция языко́в** тилдердин генеалогиялык классификациясы.

**ГЕНЕАЛО'ГИЯ** *ж.* генеалогия (**1.** *тарыхтын бир тармагы;* **2.** *уруу тарыхы, санжыра*).

**ГЕ'НЕЗИС** *м.* генезис (*чыгышы, пайда болушу жана өнүгүш процесси*).

**ГЕНЕРА'Л** *м.* генерал; **генера́л а́рмии** армия генералы.

**ГЕНЕРА'Л-ГУБЕРНА'ТОР** *м.* генерал-губернатор (*буржуазиялык өлкөлөрдө — крайдын, областтын, колониянын начальниги, бул жогорку согуштук-администрациялык бийликке ээ болот*).

**ГЕНЕРАЛИ'ССИМУС** *м.* генералиссимус (*жогорку командалык наам*).

**ГЕНЕРАЛИТЕ'Т** *м. собир.* генералитет (*куралдуу күчтөрдүн жогорку командалык составы, генералдар*).

**ГЕНЕРА'Л-ЛЕЙТЕНА'НТ** *м.* генерал-лейтенант.

**ГЕНЕРА'Л-МАЙО'Р** *м.* генерал-майор.

**ГЕНЕРА'Л-ПОЛКО'ВНИК** *м.* генерал-полковник.

**ГЕНЕРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое генеральный, башкы, улуу; жалпы; негизги; **генера́льная ли́ния па́ртии** партиянын улуу жолу; **генера́льный штаб** *воен.* генеральный штаб; **генера́льная репети́ция** генеральный репетиция.

**ГЕНЕРА'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **генерал**-*га т.*; генералдык; **генера́льские пого́ны** генералдык погондор.

**ГЕНЕРА'ЛЬША** *ж. разг.* генерал аялы.

**ГЕНЕРА'ТОР** *м. тех.* генератор (*механикалык кубатты электр кубатына айландыруучу машина*).

**ГЕНЕРА'ТОРНЫЙ,** -ая, -ое **генератор**-*го т.*; генератордук; **генера́торный газ** генератордук газ (*жасалма газ сымал отун*).

**ГЕНЕ'ТИКА** *ж. биол.* генетика (*биологиянын бир тармагы; бул тукум куучулуктун жана анын өзгөрүшүнүн көрүнүштөрүн изилдейт*).

**ГЕНИА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* гениалдуулук, даанышмандык, акылмандык.

**ГЕНИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** гениалдуу, даанышман, акылман (*эң жогорку талантка ээ болгон*); **Пу́шкин — гениа́льный ру́сский поэ́т** Пушкин — орустун гениалдуу акыны; **2.** (*свойственный гению*) гениалдуу (*эң жогорку сапаттуу*); **гениа́льная мысль** гениалдуу ой; **гениа́льное произведе́ние** гениалдуу чыгарма.

**ГЕ'НИЙ** *м.* гений (**1.** *жогорку чыгармачылык жөндөмдүүлүк;* **2.** *жогорку чыгармачылык жөндөмдүүлүгү бар адам*).

**ГЕНШТА'Б** *м.* (генера́льный штаб) генштаб (генеральный штаб).

**ГЕО-** *жерге, аны үйрөнүүгө тиешелүү татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү; мис.* **геофи́зика** геофизика.

**ГЕО'ГРАФ** *м.* географ (*география жагынан специалист*).

**ГЕОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **география**-*га т.*; географиялык; **географи́ческая ка́рта** география картасы; **географи́ческая среда́** географиялык чөйрө; **географи́ческая широта́** географиялык кеңдик; **географи́ческая долгота́** географиялык узундук.

**ГЕОГРА'ФИЯ** *ж.* география (*жерди, анын бетин-үстүн, жер жүзүндөгү жандуу табияттын таралышын үйрөнүүчү илим*); **физи́ческая геогра́фия** физикалык география, **экономи́ческая геогра́фия** экономикалык география.

**ГЕОДЕЗИ'СТ** *м.* геодезист (*геодезия жагынан специалист*).

**ГЕОДЕЗИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **геодезия**-*га т.*; геодезиялык; **геодези́ческий инструме́нт** геодезиялык инструмент.

**ГЕОДЕ'ЗИЯ** *ж.* геодезия (*жердин көлөмүн жана формасын үйрөнө турган жана да жердин бетинин аянтын өлчөө ишин жүргүзүүчү илим*).

**ГЕО'ЛОГ** *м.* геолог (*геология жагынан специалист*).

**ГЕОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **геология**-*га т.*; геологиялык; **геологи́ческий пери́од** геологиялык мезгил; **геологи́ческая разве́дка** геологиялык чалгындоо; **геологи́ческий кабине́т** геологиялык кабинет.

**ГЕОЛО'ГИЯ** *ж.* геология (*жердин кыртышынын курулушун, составын, тарыхын жана да пайдалуу кендерин изилдөө жолдору жөнүндөгү илим*).

**ГЕОЛОГОРАЗВЕ'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **геологоразве́дочный институ́т** геологиялык чалгындоо институту.

www.bizdin.kg

**геологоразведочные работы** геологиялык чалгындоо жумуштары.

**ГЕОЛОГОРАЗВЕ'ДЧИК** *м.* геологоразведчик (*геология жагынан чалгын жасоочу адам*).

**ГЕОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **геометрия**-*га т.*; геометриялык; **геометрическая задача** геометриялык маселе; **геометрическое тело** геометриялык тело; **геометрические фигуры** геометриялык фигуралар.

**ГЕОМЕ'ТРИЯ** *ж.* геометрия; **элементарная геометрия** элементардык геометрия; **аналитическая геометрия** аналитикалык геометрия; **начертательная геометрия** чийме геометрия.

**ГЕОРГИ'Н** *м.* георгин (*гүлдүн бир түрү*).

**ГЕОФИ'ЗИКА** *ж.* геофизика (*физиканын бир тармагы; жер шарын изилдөөдө физикалык методдорду колдонуучу илимдердин жыйындысы*).

**ГЕОФИЗИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **геофизика**-*га т.*; геофизикалык; **геофизический кабинет** геофизикалык кабинет.

**ГЕОХИМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **геохимия**-*га т.*; геохимиялык.

**ГЕОХИ'МИЯ** *ж.* геохимия (*жердин химиялык элементтеринин тарыхын жана алардын жер кыртышында таралышы менен орун алмашуу закондорун окута турган илим*).

**ГЕОЦЕНТРИ'ЗМ** *м.* геоцентризм (*жер — дүйнөнүн кыймылсыз борбору имиш деген байыркы адамдардын илимий эмес түшүнүгү*).

**ГЕРА'ЛЬДИКА** *ж.* геральдика (*гербдерди сүрөттөө жана алардын тарыхы жөнүндөгү илим*).

**ГЕРА'НЬ** *ж.* каз тамак (*гүл*).

**ГЕРБ** *м.* герб (*мамлекеттин, шаардын, уруунун ж. б. шарттуу белгиси*);**Государственный герб СССР** СССРдин Мамлекеттик герби.

**ГЕРБАРИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* гербарий жасоо (*гербарий үчүн өсүмдүк жыйноо*).

**ГЕРБА'РИЙ** *м.* гербарий (*кургатылган өсүмдүктөрдүн жыйнагы*).

**ГЕ'РБОВЫЙ,** -ая, -ое **герб**-*ге т.*; гербдүү, гербдик; **гербовый сбор** герб жыйымы; **гербовая марка** гербдүү марка; **гербовая печать** гербдүү печать, гербдик печать.

**ГЕРКУЛЕ'С I** *м.* (*силач*) геркулес (*балбан; эң күчтүү*).

**ГЕРКУЛЕ'С II** *м.* (*крупа*) геркулес (*сулудан жасалган крупанын бир сорту*).

**ГЕРМА'НИЙ** *м. хим.* германий (*радиотехникада колдонулуучу боз-гыл-ак түстөгү морт металл*).

**ГЕРМА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Германия**-*га т.*; германдык; **германские языки** *лингв.* германдык тилдер.

**ГЕРМАФРОДИ'Т** *м.* гермафродит (*кызтеке*).

**ГЕРМЕТИ'ЧЕСКИ** *нареч.* герметикалык (*аба кирбей жана чыкпай турган кылып жылчыксыз бекитүү*); **герметически закрытый** герметикалык түрдө жабылган.

**ГЕРМЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое герметикалык.

**ГЕРОИ'ЗМ** *м.* эрдик, баатырдык, каармандык; **трудовой героизм** эмгек баатырдыгы.

**ГЕРО'ИКА** *ж.* героика (*баатырдык, салт баатырдык стиль ж. б.*); **героика труда** эмгек героикасы.

**ГЕРОИ'НЯ** *женск. р. к* **герой**; баатыр аял; баатыр кыз; каарман; **мать-героиня** баатыр-эне; **героиня романа** романдын каарманы.

**ГЕРОИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **герой**-*го*, **героизм**-*ге т.*; баатырдык, эрдик, каармандык; **героическая борьба** баатырдык күрөш.

**ГЕРО'Й** *м.* баатыр, эр, каарман; **герой романа** романдын каарманы; ◇ **Герой Советского Союза** Советтер Союзунун Баатыры; **Герой Социалистического Труда** Социалисттик Эмгектин Баатыры.

**ГЕРО'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **герой**-*го т.*; баатырдык, эрдик, каармандык; **геройский подвиг** баатырдык иш.

**ГЕРО'ЙСТВО** *ср.* баатырдык, эрдик, каармандык; **проявить геройство** эрдик көрсөтүү.

**ГЕ'РЦОГ** *м.* герцог (*Батыш Европада жогорку дворяндардын титулу*).

**ГЕРЦОГИ'НЯ** *женск. р. к* **герцог**; герцогиня (*герцогдун аялы же кызы*).

**ГЕ'РЦОГСКИЙ,** -ая, -ое **герцог**-*го т.*; герцогдук.

**ГЕ'РЦОГСТВО** *ср.* герцогство (**1.** *герцог титулу*; **2.** *герцогдун ээлеген жери*).

**ГЕСТА'ПО** *ср.* гестапо (*Гитлер өкүм сүрүп турган кездеги фашисттик жашырын полиция*).

**ГЕТЕРОГЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое гетерогендик (*составы же теги жагынан ар түрдүү*).

**ГЕ'ТМАН** *м. ист.* гетман (**1.** *мурунку убакытта Украинада — казак орустардын аскер башчысы жана башкы башкаруучусу*; **2.** *мурунку убакытта Польшада — башкы командачы*).

**ГЕ'ТМАНСКИЙ,** -ая, -ое **гетман**-*га т.*

**ГЕ'ТРЫ** *мн.* гетры (*бут кийимдин үстүнөн буттун башын каптап коё турган же балтырды суук тан сактоо үчүн кие турган, тамансыз байпактар*).

**ГЕ'ТТО** *ср. нескл.* гетто (*кээ бир капиталисттик өлкөлөрдө расалык дискриминациянын натыйжасында түзүлгөн еврейлер, негрлер жана башка аз улуттар үчүн атайын кварталдар*).

**ГИАЦИ'НТ** *м.* гиацинт (**1.** *бот. гүлдүн бир түрү*; **2.** *мин. сары, кызыл же кызыл-сары түстөгү асыл таш*).

**ГИББО'Н** *м. зоол.* гиббон (*адам сыяктуу маймыл*).

**ГИ'БЕЛЬ** *ж.* **1.** өлүм, бүлгүн, кыйроо, жок болуу; **гибель корабля** кеменин кыйрашы, кеменин жок болушу; **2.** *разг.* (*множество*) абдан көп, сансыз көп; **гибель фруктов** абдан көп жемиш.

**ГИ'БЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое өлүмгө алып баруучу, кыйратуучу, өтө зыяндуу; **гибельный шаг** өлүмгө (бүлгүнгө) алып баруучу кадам.

**ГИ'БКИЙ,** -ая, -ое **1.** ийилме, ийилгич; **гибкая ветка** ийилгич бутак; **2.** *перен.* ийкемдүү; **гибкий ум** ийкемдүү акыл.

**ГИ'БКОСТЬ** *ж.* **1.** ийилгичтик; **2.** *перен.* ийкемдүүлүк.

**ГИ'БЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.*: **гиблое дело** болбой турган иш.

**ГИ'БНУТЬ** *несов.* өлүү, жок болуу, бүлгүнгө учуроо, кыйроо.

**ГИБРИ'Д** *м.* гибрид, аргын; **мул — гибрид лошади и осла** качыр — жылкы менен эшектен болгон гибрид (аргын).

**ГИБРИДИЗА'ЦИЯ** *ж.* гибриддештирүү, аргындаштыруу.

**ГИБРИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **гибрид**-*ге т.*; гибриддик, аргындаштырылган; **гибридные семена** гибриддик уруктар, аргындаштырылган уруктар.

**ГИГА'НТ** *м.* **1.** (*великан*) дөө, алп; **2.** *перен.* гигант (*эң эле чоң*); **завод-гигант** гигант-завод; **гигант мысли** акыл гиганты.

**ГИГА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **гигант** 2-*ге т.*; эң эле чоң, эң мыкты, эң сонун; **идти вперёд гигантскими шагами** алга карата гигант адым менен баруу; **гигантские успехи** эң чоң ийгиликтер; ◇ **гигантские шаги** *спорт.* гигант адым (кадам) (*башына аркан байлап орнотулган мамы; бул аркандын учун кармап, мамыны тегерете арыштап жүгүрөт*).

**ГИГИЕ'НА** *ж.* гигиена (*саламаттык сактоо жөнүндөгү илим жана ушул ишке жардам кылуучу чаралар*); **гигиена труда** эмгек гигиенасы.

**ГИГИЕНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **гигиеничный.**

**ГИГИЕНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **гигиена**-*га т.*; гигиеналык; **гигиеничные условия** гигиеналык шарттар.

www.bizdin.kg

**ГИГРО'МЕТР** *м. физ.* гигрометр (*абанын нымдуулугун өлчөй турган прибор*).
**ГИГРОСКО'П** *м. физ.* гигроскоп (*абанын нымдуулугунун өзгөрүшүн көрсөтүүчү прибор*).
**ГИГРОСКОПИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое гигроскоптук (*өзүнө нымды тартуучу*); **гигроскопи́ческая ва́та** гигроскоптук вата.
**ГИД** *м.* гид (*туристтерге жол көрсөтүүчү адам*).
**ГИ'ДРА** *ж.* **1.** *миф.* гидра (*гректин мифологиясында — көп баштуу ажыдаар, анын кесилген баштары кайта чыга берет имиш*); **2.** *зоол.* гидра (*тузсуз сууда жашоочу майда жаныбарлардын бир түрү*); ◇ **ги́дра контрреволю́ции** революциянын ашынган душманы.
**ГИДРА'ВЛИКА** *ж. физ.* гидравлика (*суу кыймылдаткычтары жана суу курулуштары жөнүндөгү илим*).
**ГИДРАВЛИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидравлика**-*га т.*; гидравликалык; **гидравли́ческий пресс** *тех.* гидравликалык пресс.
**ГИДРА'Т** *м. хим.* гидрат (*химиялык заттын суу менен кошулганынан келип чыккан нерсе*).
**ГИДРО=** *сууга, суу кубатына карата болгон мамилени белгилөөчү татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү*; *мис.* **гидроте́хника** гидротехника.
**ГИДРОАВИА'ЦИЯ** *ж.* гидроавиация (*суудан көтөрүлүп жана сууга конуучу самолёттор*).
**ГИДРОБИОЛО'ГИЯ** *ж.* гидробиология (*суу чөйрөсүндөгү организмдин кандай тиричилик кыла тургандыгын изилдөөчү биологиянын бир тармагы*).
**ГИДРОГЕОЛО'ГИЯ** *ж.* гидрогеология (*жер астындагы сууларды жана алардын жер үстүнө чыгышын изилдөөчү геологиянын бир тармагы*).
**ГИДРО'ГРАФ** *м.* гидрограф (**1.** *суунун кыймылынын тездигин аныктоочу прибор*; **2.** *гидрография жагынан специалист*).
**ГИДРОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидрография**-*га т.*; гидрографиялык; **гидрографи́ческая ка́рта** гидрографиялык карта.
**ГИДРОГРА'ФИЯ** *ж.* гидрография (*жер үстүндөгү сууларды изилдөөчү географиянын бир тармагы*).
**ГИДРОДИНА'МИКА** *ж.* гидродинамика (*күчтөрдүн аракети аркылуу суюктуктун кыймылга келишин изилдөөчү механиканын бир тармагы*).
**ГИДРОДИНАМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидродинамика**-*га т.*; гидродинамикалык.
**ГИДРО'ЛИЗ** *м. хим.* гидролиз (*химиялык жол менен туздарды сууга эритүү*).
**ГИДРОЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидролиз**-*ге т.*
**ГИДРО'ЛОГ** *м.* гидролог (*гидрология жагынан специалист*).
**ГИДРОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидрология**-*га т.*; гидрологиялык.
**ГИДРОЛО'ГИЯ** *ж.* гидрология (*суу мейкиндигин жана табиятта суунун кыймылын изилдөөчү илим*).
**ГИДРОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидрометрия**-*га т.*; гидрометриялык; **гидрометри́ческая ста́нция** гидрометриялык станция.
**ГИДРОМЕ'ТРИЯ** *ж.* гидрометрия (*агын суулардын тездигин, алардын деңгээлин ж. б. өлчөө ишин жүргүзүүчү гидрологиянын бир тармагы*).
**ГИДРОПА'ТИЯ** *ж.* гидропатия (*суу менен дарылоо*).
**ГИДРОПЛА'Н** *м.* гидроплан (*суудан көтөрүлүүгө жана сууга конууга ылайыкталган прибор менен жабдылган самолёт*).
**ГИДРОПУ'ЛЬТ** *м.* гидропульт (*өрт өчүрүү үчүн, бакка, көчөгө суу себүү үчүн, үйдү дезинфекциялоо үчүн колдонула турган кичине насостуу чака*).
**ГИДРОСТА'НЦИЯ** *ж.* гидростанция (*электр кубатын иштеп чыгаруу үчүн суунун күчүн пайдалануучу электр станциясы*).
**ГИДРОСТА'ТИКА** *ж. физ.* гидростатика (*суюктуктардын теңдештик законлорун жана суюктукка салынган телолордун теңдештик закондорун изилдөөчү физиканын бир тармагы*).
**ГИДРОСУЛЬФИ'Т** *м. хим.* гидросульфит (*боёо жана агартуу үчүн өнөр жайларда колдонулуучу химиялык туз*).
**ГИДРОТЕРАПИ'Я** *ж. мед.* гидротерапия (*суу менен дарылоо*).
**ГИДРОТЕ'ХНИК** *м.* гидротехник (*гидротехника жагынан специалист*).
**ГИДРОТЕ'ХНИКА** *ж.* гидротехника (*каналдар, плотиналар ж. б. куруу жолу менен табигый суу запастарын пайдалануу ишин жүргүзүүчү техниканын бир тармагы*).
**ГИДРОТЕХНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гидротехника**-*га т.*; гидротехникалык; **гидротехни́ческие сооруже́ния** гидротехникалык курулуштар.
**ГИДРОТУРБИ'НА** *ж.* гидротурбина (*суунун күчү менен кыймылга келүүчү кыймылдаткыч*).
**ГИДРОУ'ЗЕЛ** *м.* гидротүйүн (*гидротехникалык курулуштардын — электр станцияларынын, каналдардын ж. б. жыйындысы болуп турган жай*).
**ГИДРОФО'БИЯ** *ж. мед.* гидрофобия; *см.* **водобоя́знь.**
**ГИДРОЦЕНТРА'ЛЬ** *ж.* гидроцентраль (*кандайдыр бир райондун борбордук гидростанциясы*).
**ГИДРОЭЛЕКТРОСТА'НЦИЯ** *ж.* гидроэлектростанция; *см.* **гидроста́нция.**
**ГИЕ'НА** *ж. зоол.* гиена (*тарп жеп күн көрүүчү жырткыч айбан*).
**ГИ'КАНЬЕ** *ср.* кыйкырык (*мис. кууганда*).
**ГИ'КАТЬ** *несов.* кыйкыруу (*мис. кууганда*).
**ГИ'КНУТЬ** *однокр.* кыйкырып жиберүү (*мис. кууганда*).
**ГИ'ЛЬДИЯ** *ж. ист.* **1.** гильдия (*орто кылымдарда Батыш Европада — соодагерлердин же ремесленниктердин бирикмеси*); **2.** гильдия (*падышалык Россияда — купецтер бөлүнгөн разряддардын бири*); **купе́ц пе́рвой ги́льдии** биринчи гильдиянын купеци.
**ГИ'ЛЬЗА** *ж.* гильза (**1.** *мылтыктын жези, бош патрону, замбирек огунун дары салынуучу түтүгү*; **2.** *папиростун тамеки толтурула электеги түтүгү*).
**ГИЛЬОТИ'НА** *ж.* гильотина (*өлүм жазасына тартылсын деп өкүм кылынгандардын башын кесүүчү курал*).
**ГИЛЬОТИНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого* башын кесип өлтүрүү (*гильотина менен*).
**ГИЛЯ'КИ** *мн.* (*ед.* **гиляк** *м.*) гиляктар (*СССРдин Ыраакы Чыгышында жашоочу элдердин бир түрү*; **нивхи** *деген элдин мурунку аты*).
**ГИМН** *м.* гимн (*мамлекеттик же таптык бирдиктин символу катарында алынган салтанаттуу ыр*); **Госуда́рственный гимн Сове́тского Сою́за** Советтер Союзунун Мамлекеттик гимни.
**ГИМНАЗИ'СТ** *м.* гимназист (*гимназиянын окуучусу*).
**ГИМНАЗИ'СТКА** *женск. р. к* **гимнази́ст;** гимназистка.
**ГИМНА'ЗИЯ** *ж.* гимназия (*падышалык Россияда жана кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдө — жалпы билим берүүчү орто мектеп*).
**ГИМНА'СТ** *м.* гимнаст (*гимнастиканы мыкты билген, ошонун артынан түшкөн адам*).
**ГИМНАСТЁРКА** *ж.* гимнастёрка (*эркектин аскердик формада тигилген сырт көйнөгү*).
**ГИМНА'СТИКА** *ж.* гимнастика (*дене тарбия*).
**ГИМНАСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гимнастика**-*га т.*; гимнастикалык; **гимнасти́ческий зал** гимнастика ойноолуучу зал.
**ГИМНА'СТКА** *женск. р. к* **гимна́ст;** гимнастка.
**ГИНЕКО'ЛОГ** *м.* гинеколог (*гинекология боюнча специалист*).
**ГИНЕКОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гинекология**-*га т.*; гинекологиялык.

www.bizdin.kg

**ГИНЕКОЛО'ГИЯ** *ж.* гинекология (*аял оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илим*).

**ГИПЕ'РБОЛА** *ж.* гипербола (**1.** *лит. ашырып айтуу, апыртып айтуу;* **2.** *мат. конустун эки түзүүчүсүнө параллелдүү тегиздикте конусту кесиш аркылуу пайда болгон ийри сызык*).

**ГИПЕРБОЛИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гипербола**-*га т.*

**ГИПЕРБОЛО'ИД** *м. мат.* гиперболоид (*гиперболанын айланышынан пайда болгон мейкиндик*).

**ГИПЕРТО'НИК** *м.* гипертоник (*гипертония оорусу менен ооруучу адам*).

**ГИПЕРТОНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гипертония**-*га т.*; гипертониялык; **гипертони́ческая боле́знь** гипертониялык оору, гипертония оорусу.

**ГИПЕРТОНИ'Я** *ж.* гипертония (*кандын катуу басымы; кандын катуу басымынан болгон оорунун бир түрү*).

**ГИПЕРТРОФИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое *мед., биол.* гипертрофияланган.

**ГИПЕРТРОФИ'Я** *ж. мед., биол.* гипертрофия (*дененин бир мүчөсүнүн ооруп чоңоюп кетиши*).

**ГИПНО'З** *м.* гипноз (*дарылоонун бир түрү*); **впасть в гипно́з** гипнозго берилүү; **лечи́ть гипно́зом** гипноз менен дарылоо (*жасалма жол менен уктатуу*).

**ГИПНОТИЗЁР** *м.* гипнотизёр (*гипноз жасоого шыктуу адам*).

**ГИПНОТИЗИ'РОВАТЬ** *несов. кого* гипноздоо (*көз байлап коюу*); **гипнотизи́ровать взгля́дом** *перен.* тиктеп өз эркине багындырып, гипноздоп коюу.

**ГИПНОТИ'ЗМ** *м.* гипнотизм (**1.** *гипноз жөнүндөгү окуу;* **2.** *гипноз өнөрү, гипноз жасоого чебердик*).

**ГИПНОТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое гипноздук; **гипноти́ческий сон** гипноздук уйку (*гипноздун күчү менен болгон уйку*).

**ГИПОСУЛЬФИ'Т** *м. хим.* гипосульфит (*кездемени акка боёгондо, фотографияда ж. б. колдонула турган зат*).

**ГИПО'ТЕЗА** *ж.* гипотеза, илимий божомол, илимий болжол; **стро́ить гипо́тезы** божомолдоо.

**ГИПОТЕНУ'ЗА** *ж. мат.* гипотенуза (*тик бурчтуу үч бурчтуктун тик бурчка каршы жаткан жагы*).

**ГИПОТЕ́РМИ'Я** *ж. мед.* гипотермия (*денени жасалма муздатуу; бул — операция убагында наркоз ордуна колдонулат*).

**ГИПОТЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **гипотеза**-*га т.*; гипотезалык, божомолдуу, болжоп айтылган.

**ГИПОТЕТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **гипотети́ческий.**

**ГИПОЦЕ'НТР** *м. физ.* гипоцентр (*жер кыртышынын тереңинде жер титирөөнүн борбору, башталган орду*).

**ГИППОЛО'ГИЯ** *ж. вет.* гиппология (*жылкыны асыроону, багууну ж. б. изилдөөчү ветеринариянын бир тармагы*).

**ГИППОПОТА'М** *м.* гиппопотам; *см.* **бегемо́т.**

**ГИПС** *м.* **1.** *мин.* гипс (*скульптурада, медицинада колдонулуучу минералдын бир түрү*); **скульпту́ра из ги́пса** гипстен жасалган скульптура; **2.** (*скульптурный слепок*) гипс (*гипстен жабыштырып жасалган скульптура*); **3.** *мед.* гипс; **положи́ть ру́ку в гипс** колду гипстөө, гипске катыруу.

**ГИПСОВА'НИЕ** *ср. мед., с.-х.* гипстөө, гипс салуу; **гипсова́ние по́чвы** топуракка гипс салуу, топуракты гипстөө.

**ГИПСОВА'ТЬ** *несов. что, мед., с.-х.* гипстөө, гипс салуу.

**ГИ'ПСОВЫЙ,** -ая, -ое **гипс**-*ке т.*; **ги́псовая повя́зка** гипс таңуусу.

**ГИПСО'МЕТР** *м. геод.* гипсометр (*бир оруңдун деңиз деңгээлинен канчалык бийиктикте турганын өлчөөчү прибор*).

**ГИПСОМЕ'ТРИЯ** *ж. геод.* гипсометрия (*оруңдун, жердин деңиз деңгээлинен канчалык бийиктикте турганын белгилөөчү геодезиянын бир бөлүгү*).

**ГИРЕВИ'К** *м. спорт.* гиревик (*гиряны көтөрүүгө машыккан спортсмен*).

**ГИРЛЯ'НДА** *ж.* гирлянда (*тасмага же чынжырга окшотуп өрүлгөн гүл же жашыл чөп*).

**ГИРОСКО'П** *м.* гироскоп; *см.* **жироско́п.**

**ГИ'РЯ** *ж.* **1.** гиря, таш (*тараза ташы*); **2.** *спорт.* гиря (*гимнастикалык чоюн, чоюн шар*).

**ГИСТО'ЛОГ** *м.* гистолог (*гистология жагынан специалист*).

**ГИСТОЛО'ГИЯ** *ж.* гистология (*адамдын жана айбандардын денесинин микроскоптук түзүлүшүн изилдөөчү анатомиянын бир бөлүмү*).

**ГИТА'РА** *ж.* гитара (*музыкалык инструменттин бир түрү*).

**ГИТАРИ'СТ** *м.* гитарист, гитарчы.

**ГИТАРИ'СТКА** *женск. р. к* **гитари́ст;** гитаристка.

**ГИ'ЧКА** *ж. мор., спорт.* гичка (*бат жүрүүчү ичке кайык*).

**ГЛАВ-** *мекемелердин аттарында «башкы» деген маанide колдонулуучу сөздүн кыскарган формасы; мис.* **главвра́ч** башкы врач.

**ГЛАВА'** *ж.* **1.** *уст.* (*голова*) баш; **2.** (*руководитель*) жетекчи, башчы; **глава́ прави́тельства** өкмөт жетекчиси, өкмөт башчысы; **3.** (*купол*) глава, купол (*чиркөөнүн жарым шарга окшоп тоголок болуп томпоюп турган төбөсү*); **4.** (*раздел книги*) глава (*китептин бөлүмү*); ◇ **во главе́** ири алдында, башында; баш болуп; **пять ученико́в во главе́ с учи́телем** мугалим баш болуп беш окуучу; **ста́вить во главу́ угла́** ири алдыга коюу, негиздүү деп кароо.

**ГЛАВА'РЬ** *м.* башчы; **глава́рь ша́йки** шайканын башчысы.

**ГЛАВБУ'Х** *м.* (гла́вный бухга́лтер) башкы бухгалтер.

**ГЛАВВРА'Ч** *м.* (гла́вный врач) башкы врач.

**ГЛАВЕ'НСТВО** *ср.* башчылык, үстөмдүк.

**ГЛАВЕ'НСТВОВАТЬ** *несов. в чём, над кем-чем* башчылык кылуу, үстөмдүк кылуу.

**ГЛАВК** *м.* главк (*башкы башкарма*).

**ГЛАВНЕ'ЙШИЙ,** -ая, -ее *превосх. ст. от прил.* **гла́вный** эң эле маанилүү, эң эле негизги, эң эле башкы.

**ГЛА'ВНОЕ** *ср. см.* **гла́вный** 3.

**ГЛАВНОКОМА'НДОВАНИЕ** *ср.* башкы командование; **верхо́вное главнокома́ндование** жогорку башкы командование.

**ГЛАВНОКОМА'НДУЮЩИЙ** *м.* башкы командачы; **верхо́вный главнокома́ндующий** жогорку башкы командачы.

**ГЛА'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*основной*) негизги, башкы, эң маанилүү; **гла́вная мысль докла́да** докладдын негизги мазмуну; **гла́вное управле́ние** башкы башкарма; **гла́вный го́род** борбор шаар (*областтын ж. б.*); **гла́вная у́лица** негизги көчө; **2.** (*старший*) башкы; **гла́вный врач больни́цы** оорукананын башкы врачы; **гла́вный бухга́лтер** башкы бухгалтер; **3.** *в знач. сущ. ср.* эң негизги, эң башкы; **гла́вного не забу́дь** эң негизгисин унутпа; **4.** *вводн.сл.* биринчи кезекте, негизгиси баарыдан мурда; **пиши́те скоре́й и, гла́вное, присыла́йте свой а́дрес** тезирээк жазыңыз жана, баарыдан мурда, өзүңүздүн адресиңизди жибериңиз; **5.** *грам.* баш; **гла́вное предложе́ние** баш сүйлөм; **гла́вные чле́ны предложе́ния** сүйлөмдүн баш мүчөлөрү; ◇ **гла́вным о́бразом** көбүнчө; **гла́вная кни́га** *бухг.* чоң книга.

**ГЛАГО'Л** *м. грам.* этиш.

**ГЛАГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **глагол**-*го т.*; этиштик; **глаго́льное сказу́емое** этиштик баяндооч.

**ГЛАДИА'ТОР** *м. ист.* гладиатор (*Байыркы Римде циркте жоокер менен же жырткыч айбан менен кармашуучу жоокер-кул же согуш туткуну*).

www.bizdin.kg

**ГЛАДИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **гладильная доска** үтүктөгүч такта, таптагыч такта.

**ГЛАДИ'ЛЬЩИК** *м.* үтүктөөчү адам.

**ГЛАДИ'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **гладильщик.**

**ГЛАДИО'ЛУС** *м. бот.* гладиолус (*гүлдүн бир түрү*).

**ГЛА'ДИТЬ** *несов.* 1. *что* (*бельё и т. п.*) үтүктөө, таптоо, дазмалдоо; 2. *кого-что* (*ласкать*) сыйпоо, сылоо, эркелетүү (*эркелетип сыйпоо*); **гладить по головке** 1) башынан сылоо; 2) *перен. разг.* мейримдүү мамиле кылып, оюна коюу; **гладить против шерсти** *кого-л.* 1) жүнүн тетири сылоо; 2) *перен. разг.* «а баракелде» дей бербей, жактырбай коюу (*бирөөгө каршы аракет кылуу же сүйлөө, бирөөнүн тизгинин тартып коюу*).

**ГЛА'ДКИЙ,** -ая, -ое 1. (*ровный*) тегиз, текши, жылма, жылмакай; **гладкая поверхность озера** көлдүн тегиз бети; **гладкая доска** тегиз тактай; 2. *перен.* шар, жымсал, мукактанбаган, мүдүрүлбөгөн; **гладкая речь** мукактанбай, шар сүйлөгөн сөз; 3. *разг.* (*жирный*) семиз; **гладкая лошадь** семиз ат; ◇ **гладкая материя** түрсүз кездеме; **с него взятки гладки** *разг.* жеди да кетти (*андан эч нерсе ала албайсың*).

**ГЛА'ДКО** *нареч.* 1. (*ровно*) тегиз, жылма, жылмакай; **гладко выстрогать доску** тактайды тегиз кылып жонуу, сүрүп жылмалоо; 2. *перен.* шар, жымсал, мукактанбай, мүдүрүлбөй; **говорить гладко** мукактанбай сүйлөө.

**ГЛАДКОСТВО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сайсыз; **гладкоствольное ружьё** сайсыз мылтык.

**ГЛАДЬ** I *ж.* (*водная поверхность*) тегиздик, тегиз бет; **гладь озера** көлдүн тегиз бети; **морская гладь** деңиз тегиздиги; ◇ **тишь да гладь** *разг.* тынч эле (*мемиреген тынчтык*).

**ГЛАДЬ** II *ж.*: **вышивка гладью** сайманын бир түрү.

**ГЛА'ЖЕНЫЙ,** -ая, -ое үтүктөлгөн, тапталган, дазмалдалган.

**ГЛА'ЖЕНЬЕ** *ср.* үтүктөө, таптоо, дазмалдоо.

**ГЛАЗ** *м.* 1. көз; **правый глаз** оң көз; 2. *чаще мн.* (*зрение*) көз көрүү, көрүүгө жөндөмдүүлүк; **у него хорошие глаза** анын көзү курч; 3. *разг.* (*присмотр, надзор*) карап туруу, баш-көз болуу; **хозяйский глаз** сарамжалдуулук менен кароо; **тут нужен глаз да глаз** бул жерде абдан жакшы баш-көз болуу керек; ◇ **у семи нянек дитя без глазу** *посл.* койчу көп болсо, кой арам өлөт; **острый глаз** кыраакы; **дурной глаз** *прост.* жаман көз; **хоть глаз выколи** *разг.* көзгө сайса көрүнгүс (*караңгы*); **на глаз** божомол менен; **невооружённым глазом** куралсыз көз менен (*кароо*); **смеяться в глаза** көзүнчө күлүү, көзүнчө шылдыңдоо; **сказать правду в глаза** чындыкты көзүнө айтуу; **попасться на глаза** *кому-л.* *бирөөгө* көрүнүп калуу; **не попадаться на глаза** көзүнө көрүнбөө; **отвести глаза** *кому-л.* алаксытуу, көңүлдү башка жакка буруп жиберүү; будамайлоо; **закрывать глаза** *на что-л. бир нерсеге* көз жумду кылуу, *бир нерсени* көрмөксөн болуу; **открыть глаза** көзүн ачуу, көңүлүн буруу; **на глазах** көзүнчө; **он вырос у неё на глазах** ал анын көз алдында өстү; **за глаза** *разг.* 1) (*в отсутствие кого-л.*) көзү жокто, сыртынан; **купить** *что-л.* **за глаза** *бир нерсени* сыртынан сатып алуу; **говорить** *что-л.* **за глаза** *бир нерсени бирөөнүн* көзү жокто айтуу; 2) (*с избытком, вполне*) толук, кеңири; **за глаза довольно** кеңири жетет, ашып түшөт, ашыгы менен жетет; **с глазу на глаз** көзмө-көз; **с глаз долой — из сердца вон** *посл.* көзү жоктун өзү жок; көзгө көрүнбөдү — көңүлдөн кетти; **не в бровь, а (прямо) в глаз** *погов.* сөздү машына келтирип айтуу; **куда глаза глядят** баш ооган жакка; **бросаться в глаза** көзгө чалдыгуу; **смотреть** *на что-л.* **чужими глазами** өз пикири жоктук, башканын айтканы менен болуучулук; **не смыкая глаз** көзүн жумбай; **не спуская глаз** *с кого-л.* (*любоваться*) *бирөөдөн* көзүн айырбай кароо (*жакшы көрүп, кызыгып*).

**ГЛАЗА'СТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* 1. (*большеглазый*) чоң көз, алакай көз; 2. *перен.* (*зоркий*) көрөгөч, кыраан, кыраакы.

**ГЛАЗЕ'ТЬ** *несов. на кого-что, разг.* таңыркап кароо, элейип кароо; **глазеть по сторонам** туш-тушка таңыркап кароо.

**ГЛАЗИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **глазировать;** 2. *прил.* (*о посуде*) глазирленген; 3. *прил.* (*о бумаге*) жылтыратылган; 4. *прил.* (*о торте и т. п.*) бети оймо-чиймеленип, жылтыратылган.

**ГЛАЗИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* 1. (*посуду*) глазирдөө; 2. (*бумагу*) жылтыратуу; 3. (*торт и т. п.*) бетин оймо-чиймелеп, жылтыратуу.

**ГЛАЗНИ'К** *м. разг.* көз врачы.

**ГЛАЗНИ'ЦА** *ж. анат.* көздүн чарасы.

**ГЛАЗНО'Й,** -а́я, -о́е **глаз** 1-*ге т.*; **глазные болезни** көз оорусу; **глазной врач** көз врачы; ◇ **глазное дно** көздүн түбү; **глазное яблоко** *анат.* көз алмасы.

**ДОКРА'СИТЬ** *сов. что* боёп коюу, боёп бүтүү.

**ДО'КРАСНА'** *нареч.* кызаргыча, кыпкызыл болгуча, кызыл болгуча; **тере́ть ко́жу до́красна́** терини (этти) кызаргыча сүрүү; **накали́ть до́красна́** кызаргыча ысытуу.

**ДОКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **докра́сить.**

**ДОКРИЧА'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** *кого* угуза кыйкыруу, кыйкырып угузуу; **я е́ле докрича́лся сто́рожа** мен сторожго сөзүмдү кыйкырып жатып араң угуздум, мен сторожду кыйкырып жатып араң чакырып алдым; **2.** *до чего* кыйкыруу (*кыйкыра берип, жаман натыйжага жетүү*); **де́ти докрича́лись до хрипоты́** балдар үнү кырылдагыча (бүткүчө) кыйкырышты, балдар кырылдап калганча кыйкырышты.

**ДО'КТОР** *м.* **1.** (*учёная степень*) доктор (*жогорку илимдик даража*); **до́ктор филологи́ческих нау́к** филология илимдеринин доктору; **2.** (*врач*) доктор.

www.bizdin.kg

**ДОКТОРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кыңк эттирбеген, унчуктурбаган, каяша айттырбаган; **доктора́льный тон** кыңк эттирбеген тон (үн).

**ДОКТОРА'НТ** *м.* докторант (*доктордук диссертация коргоо үчүн даярданып жаткан окумуштуу*).

**ДОКТОРА'НТКА** *женск. р. к* **доктора́нт;** докторантка.

**ДО'КТОРСКИЙ,** -ая, -ое **доктор** 1-*ге т.*; доктордук; **до́кторская диссерта́ция** доктордук диссертация; **до́кторская сте́пень** доктордук даража.

**ДОКТРИ'НА** *ж.* доктрина (*илим, философиялык же саясий теория, система*).

**ДОКТРИНЁР** *м.* доктринёр (*турмушка ылайык келбеген теорияны жактаган, чындык менен эсептешпеген киши*).

**ДОКТРИНЁРСКИЙ,** -ая, -ое **доктринёр**-*го т.*

**ДОКТРИНЁРСТВО** *ср.* доктринёрчулук, доктринёрче ойлоочулук.

**ДОКУМЕ'НТ** *м.* документ (*иш кагаздары, күбөлүк кат, акт ж. б.*); **истори́ческие докуме́нты** тарыхый документтер.

**ДОКУМЕНТА'ЛЬНО** *нареч.* документке негизделип, документ менен; **документа́льно доказа́ть** документ менен далилдөө.

**ДОКУМЕНТА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* документке негизделгендик, документ менен ырасталгандык.

**ДОКУМЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое документтүү (*документке негизделген*); **предста́вить документа́льные да́нные** документтүү маалыматтар келтирүү; **документа́льный фильм** документтүү фильм (*чыныгы окуянын өзүн, болгон фактыны көрсөткөн фильм*).

**ДОКУМЕНТА'ЦИЯ** *ж.* документация, документация кылуу, документтөө (*документ менен ырастоо, далилдөө*).

**ДОКУМЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* документация кылуу, документтөө.

**ДОКУПА'ТЬ** *несов. см.* **докупи́ть.**

**ДОКУПИ'ТЬ** *сов. что* кошумча сатып алуу.

**ДОКУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **докури́ть.**

**ДОКУРИ'ТЬ** *сов. что* тартып бүтүрүү, тартып бүтүү, тартып болуу (*мис. папиросаны*).

**ДОКУЧА'ТЬ** *несов. кому чем, уст.* жадатуу, зериктирүү, тажатуу; **он докуча́ет мне свои́ми вопро́сами** ал өзүнүн суроолору менен мени жадатып жиберет.

**ДОКУ'ЧЛИВЫЙ,** -ая, -ое *уст.* жадаткыч, жадатып жиберме, жадатмалуу, зериктиргич, тажаткыч; **доку́чливый челове́к** тажаткыч киши.

**ДОКУ'ШАТЬ** *сов. что, разг.* жеп (ичип) бүтүү.

**ДОЛ** *м. поэт. уст.* өрөөн, жайык.

**ДОЛБИ'ТЬ** *несов. что* 1. оюу, тешүү; чокуп тешүү (*клювом*); чукуп тешүү (*ковырять*); **столя́р долби́л до́ску** жыгаччы тактайды ойду; 2. *перен. разг.* (*повторять*) кулакка кумдай куюу, какшоо (*бир нерсени кайта-кайта эле айта берүү*); 3. *перен. разг.* (*зубрить*) ыгы жок жаттай берүү (*мис. сабакты*).

**ДОЛГ** *м.* 1. (*взятое взаймы*) бересе, карыз, насыя; **я расплати́лся со все́ми долга́ми** мен бардык бересемди төлөп кутулдум; **я дал де́ньги в долг прия́телю** мен досума карызга акча бердим; 2. (*обязанность*) милдет; **долг пе́ред ро́диной** родинанын алдындагы милдет; ◇ **влезть (зале́зть) в долги́** *разг.* карызга батуу; **оста́ться в долгу́** унчукпай калуу, жооп таппай калуу; **он в долгу́ не оста́нется** ал жооп таппай калбайт, ал жообун бербей койбойт; **долг платежо́м кра́сен** *посл.* алмактын бермеги бар; **пе́рвым до́лгом** биринчи кезекте, алды менен; **отда́ть после́дний долг** *кому-л.* бирөөгө топурак салуу, көз көрсөтүп кайтуу (*өлгөнгө баруу*); **по до́лгу слу́жбы** кызмат милдети боюнча.

**ДО'ЛГИЙ,** -ая, -ое узак, көп, далай; **до́лгое вре́мя** көп убакыт; **до́лгий путь** узак жол; **до́лгое ожида́ние** узак күтүү; ◇ **до́лгий гла́сный** *лингв.* созулма үндүү (тыбыш); **откла́дывать в до́лгий я́щик** таштап сүрсүтүп коюу, кечиктирүү; **э́то до́лгая пе́сня** *разг.* бул зарыктыра турган иш, бул оңой менен бүтпөй турган иш.

**ДО'ЛГО** *нареч.* узакка чейин, далайга чейин, көпкө чейин; **до́лго я не мог забы́ть э́того происше́ствия** бул окуяны мен далайга чейин унутпадым; ◇ **до́лго ли (ль)** *разг.* оңой эле, кыйынбы; **до́лго ли до беды́** балаага учуроо кыйынбы (оңой эле).

**ДОЛГОВЕ'ЧНОСТЬ** *ж.* узакка жашай тургандык, көпкө жашай тургандык.

**ДОЛГОВЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое узакка чейин жашоочу (туруучу), көпкө чейин жашоочу (туруучу).

**ДОЛГОВО'Й,** -а́я, -о́е **долг** 1-*ге т.*; **долгово́е обяза́тельство** бересе кагазы, карыз милдеттенмеси.

**ДОЛГОВРЕ'МЕННЫЙ,** -ая, -ое көп убакытка, далай убакытка; **долговре́менное отсу́тствие** көп убакка жок болуу; **долговре́менное укрепле́ние** *воен.* туруктуу чеп, көпкө чейин туруучу чеп.

**ДОЛГОВЯ'ЗЫЙ,** -ая, -ое *разг.* тартагай, бою узун жана арык.

**ДОЛГОЖДА'ННЫЙ,** -ая, -ое көптөн бери күткөн, эчактан бери күткөн; **долгожда́нные го́сти** көптөн бери күткөн коноктор.

**ДОЛГОЛЕ'ТИЕ** *ср.* узун өмүр.

**ДОЛГОЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее көп жылдык, көп жылдан берки; **долголе́тняя дру́жба** көп жылдан берки достук (татуулук).

**ДОЛГОНО'ЖКА** *ж. зоол.* узун бут (*чиркей сымал жаныбарлардын бир түрү, анын курту капустага, кызылчага ж. б. зыян келтирет*).

**ДОЛГОНО'СИК** *м. зоол.* шиш тумшук (*дыйканчылык өсүмдүктөрүнө зыян келтирүүчү, узун тумшук зыянкеч коңуз*).

**ДОЛГОПО'ЛЫЙ,** -ая, -ое узун этектүү, узун этек (*кийим*).

**ДОЛГОСРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое узак, узак мөөнөттүү; **долгосро́чный о́тпуск** узак отпуск.

**ДОЛГОТА'** *ж.* 1. (*продолжительность*) узун, узундук; **наибо́льшей долготы́ день достига́ет в середи́не ле́та** эң узун күн жай ортосунда болот; 2. *лингв.* созулмалык; **долгота́ зву́ка** тыбыш созулмалыгы; 3. *геогр., астр.* узундук; **Москва́ нахо́дится на 55°45′ се́верной широты́ и 37°37′ восто́чной долготы́** Москва 55°45′ түндүк кеңдикте жана 37°37′ чыгыш узундукта турат.

**ДОЛГОТЕРПЕ'НИЕ** *ср.* сабыр, чыдам.

**ДОЛГУНЕ'Ц** *м.* (*лён*) долгунец (*узун буралуу зыгыр*).

**ДОЛЕВО'Й,** -а́я, -о́е узунунан, узунун бойлото; **разре́зать в долево́м направле́нии** узунунан кесүү.

**ДО'ЛЕЕ** *нареч.* узунураак, узагыраак, көбүрөөк.

**ДОЛЕЖА'ТЬ** *сов. разг.* 1. *до чего* чейин жатуу, дейре жатуу; **долежу́ до ве́чера** кечке чейин жата турайын; 2. (*о плодах*) өзү жатып бышуу, жетилүү (*мис. узүм помидор*).

**ДОЛЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **доле́зть.**

**ДОЛЕ'ЗТЬ** *сов. до чего* чейин чыгуу.

**ДОЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **долете́ть.**

**ДОЛЕТЕ'ТЬ** *сов. до чего* 1. учуп жетүү, жетүү; **ди́кие у́тки долете́ли до о́зера** жапан өрдөктөр көлгө учуп жетти; **снаря́д долете́л до око́па** снаряд окопко жетип түштү; 2. *перен.* (*донестись*) жетүү; **чей-то крик долете́л до нас** бирөөнүн кыйкырыгы бизге жетти.

**ДОЛЕЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* дарылоо, айыктыра дарылоо (*калганын, кемин, чаласын*).

**ДОЛЕЧИ'ТЬСЯ** *сов.* айыгуу, айыккыча эмделүү (*калганы, чаласы*).

**ДОЛЖА'ТЬ** *несов. кому, разг.* карыз алуу, карыздар болуу, карызга батуу.

www.bizdin.kg

**ДО'ЛЖЕН** *в знач. сказ.* 1. *кому-чему* (*обязан уплатить*) карыздар, береселүү; **вы мне должны́ сто рубле́й** сиз ага жүз сом карыздарсыз; 2. (*обязан сделать*) милдеттүү; керек; **вы должны́ зако́нчить рабо́ту в срок** сиз жумушту мөөнөтүндө бүтүрүүгө милдеттүүсүз; **он до́лжен верну́ться сейча́с** ал азыр кайтышы керек.

**ДОЛЖЕНСТВОВА'НИЕ** *ср.* милдеттүү болуу, милдеткер болуу.

**ДОЛЖНИ'К** *м.* 1. береселүү, карыздар; **несостоя́тельный должни́к** төлөөгө кудурети жок карыздар, 2. *перен.* милдеттүү; **я ваш должни́к** мен сизге милдеттүүмүн.

**ДО'ЛЖНО** *в знач. сказ. уст.* болуу керек, кылуу керек; **так не до́лжно поступа́ть** мындай кылыш керек эмес, мындай кылуу жарабайт.

**ДОЛЖНО' БЫТЬ** *вводн. сл.* болуу керек, ай эми, балким; **должно́ быть, он уже́ не придёт** балким, ал келбей калдыго; ал келбесе керек.

**ДОЛЖНОСТНО'Й,** -а́я, -о́е **должность**-*ко т.*; кызматтык; **должностно́е лицо́** кызмат кишиси; **должностно́е преступле́ние** кызматтык кылмыш.

**ДО'ЛЖНОСТЬ** *ж.* кызмат, орун, кызмат орду, милдет; **занима́ть до́лжность** кызмат ордун ээлөө; **освободи́ть от до́лжности** кызмат ордунан бошотуу; **шта́тная до́лжность** штаттык орун.

**ДО'ЛЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. тийиштүү, ылайыктуу, көңүлдөгүдөй, кадимкидей; ыклас коюп; **слу́шать с до́лжным внима́нием** кадимкидей ыклас коюп угуу; **на до́лжной высоте́** тийиштүү даражада; **до́лжным о́бразом** кадимкидей; 2. *в знач. сущ. ср.*: **ну́жно отда́ть до́лжное** кемитпөө керек, чынын айтканда.

**ДОЛИВА'ТЬ** *несов. см.* **доли́ть.**

**ДОЛИ'НА** *ж.* өрөөн.

**ДОЛИ'ТЬ** *сов. что, чего* кошумча (үстөп) куюу.

**ДО'ЛЛАР** *м.* доллар (*Америка акчасы*).

**ДОЛОЖИ'ТЬ** I *сов.* 1. (*сделать доклад*) доклад кылуу, баяндама кылуу (*илимий маселе же кызмат жумушу тууралу баяндама кылуу*); **правле́ние доложи́ло совеща́нию о хо́де дел** башкарма иштин жүрүшү жөнүндө кеңешмеге баяндама кылды; 2. (*о приходе посетителя*) доклад кылуу (*келүүчүлөр тууралу оозеки билдирүү, айтуу*).

**ДОЛОЖИ'ТЬ** II *сов. что, чего* (*добавить*) кемин кошуу, кемин салуу, кошумча (үстөп) салуу.

**ДОЛО'Й** *нареч.* 1. (*прочь, вон*) жогол, кет; **уйди́ с глаз доло́й** көзүмө көрүнбөй жогол; 2. (*в значении требования, приказания*) жоголсун, жоюлсун.

**ДОЛОМИ'Т** *м.* доломит (*минералдын бир түрү*).

**ДОЛОТО'** *ср.* тешкич, көзөөч.

**ДО'ЛУ** *нареч. уст.* ылдый, төмөн; **опусти́ть глаза́ до́лу** ылдый карап калуу; жерди карап калуу.

**ДО'ЛЬКА** *ж. уменьш. от* **до́ля** 1 үлүш, бөлүк; **до́лька апельси́на** апельсиндин бөлүгү.

**ДО'ЛЬШЕ** *сравн. ст. от прил.* **до́лгий** *и нареч.* **до́лго** узагыраак, узунураак, көбүрөөк; **э́тот путь до́льше того́** бу жол тиги жолдон узунураак; **я до́льше вас в э́том до́ме живу́** мен бул үйдө сизден көбүрөөк турамын.

**ДО'ЛЯ** *ж.* 1. (*часть*) бөлүк, бөлүм, үлүш, энчи; **дели́ всё на ра́вные до́ли** баарын бирдей бөлүктөргө бөл; **моя́ до́ля составля́ет о́коло ста рубле́й** менин энчим жүз сомчо болот; 2. (*участь*) таалай, энчи, насип; күн; **счастли́вая до́ля** бактылуу насип; **го́рькая до́ля** шордуу күн; ◇ **в твои́х слова́х есть до́ля пра́вды** сенин сөзүңдө анча-мынча чындык бар; **льви́ная до́ля** олчойгон бөлүгү, эң чоң бөлүгү.

**ДОМ** *м.* 1. (*здание*) үй; **жило́й дом** турак үй, адам жашай турган үй; **деревя́нный дом** жыгач үй; 2. (*жильё, квартира*) үй; **рабо́тать на дому́** үйдө иштөө, ишти үйдө бүтүрүүгө алуу, **врач принима́ет больны́х в больни́це и на дому́** врач ооруларды ооруканада да, үйүндө да кабыл алат; **кни́ги на́ дом не выдаю́тся** китеп үйгө берилбейт; **разойти́сь по дома́м** үй-үйгө тарап кетүү; 3. (*культурно-бытовое учреждение*) үй; **дом о́тдыха** дем алыш үйү; **Дом учёных** Окумуштуулар үйү; 4. (*хозяйство, домашний очаг*) үй; **хлопота́ть по до́му** үй түйшүгүндө болуу (*тамак бышыруу, үй шыпыруу ж. б.*); 5. *уст.* дом (*ар кыл иш орундары*); **торго́вый дом** торговый дом (*соода же өнөр жай шериктигинин бир түрү*); ◇ **мы знако́мы дома́ми** биздин үй-бүлөлөр бир-бири менен катыш; **он отказа́л тебе́ от до́ма** ал сени өзүнүн үйүнө келтирбес болду.

**ДО'МА** *нареч.* 1. (*у себя в доме*) үйдө; 2. (*в родных местах*) элде, жерде; **у нас до́ма убо́рка урожа́я давно́ начала́сь** биздин жерде эгинди жыйноо эчак башталган; ◇ **в гостя́х хорошо́, а до́ма лу́чше** *погов.* конокто жакшы болгону менен үйдөгүгө жетпейт; кан ордосунун тардыгы ай, кара алачыгымдын кеңдиги ай; **у него́ не все до́ма** *разг.* ал бир аз чалагайым, ал бир аз келесоо чалыш; **бу́дьте как до́ма!** өз үйүңүздөгүдөй отуруңуз!

**ДОМА'ШНИЙ,** -яя, -ее 1. **дом** 1-*ге т.*; **дома́шняя обстано́вка** 1) үй жасалгалары; 2) *перен.* үй шарттары; **дома́шнее хозя́йство** үй чарбасы; **дома́шняя хозя́йка** үйүндө үй жумушун жүргүзүүчү аял; **по-дома́шнему** үйдөгүдөй; **дома́шние живо́тные** бакма айбандар, үй айбандары; **дома́шний хлеб** үй наны; 2. *в знач. сущ.* **дома́шние** *мн.* үй-бүлө, үйдөгүлөр.

**ДО'МБРА** *ж. муз.* домбра (*комуздун бир түрү*)

**ДО'МЕННЫЙ,** -ая, -ое **домна**-*га т.*; **до́менная печь** домна печи, домна меши.

**ДО'МЕНЩИК** *м.* домначы (*домна мешинде иштөөчү жумушчу*).

**ДО'МИК** *м. уменьш. от* **дом** 1 үйчө, кичине үй, кичинекей үй.

**ДОМИНА'НТА** *ж.* доминанта (1. *негизги идея; башкы пикир; негизги белги; мис. илимий иште;* 2. *муз. диатоникалык гамманын бешинчи баскычы*).

**ДОМИНИО'Н** *м.* доминион (*Британиялык империянын өзүн-өзү башкаруучу бөлүгү; мурунку колония*).

**ДОМИНИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. *над чем* бийик болуп туруу; **э́та гора́ доминиру́ет над окре́стностями** бул тоо айланадан бийик болуп турат; 2. *перен.* (*преобладать*) үстөм келүү, басым келүү.

**ДОМИНО'** I *ср. нескл.* домино (*оюндун бир түрү*).

**ДОМИНО'** II *ср. нескл.* домино (*маскарад кийиминин бир түрү*).

**ДОМКРА'Т** *м.* домкрат (*оор нерсени бир аз жогору көтөрүүчү механизм*).

**ДО'МНА** *ж.* домна (*кенден чоюндун ар түрдүү сортун эритип чыгаруучу печь*).

**ДОМОВИ'ТЫЙ,** -ая, -ое сарамжалдуу, бышык; **домови́тая хозя́йка** сарамжалдуу аял.

**ДОМОВЛАДЕ'ЛЕЦ** *м.* үй ээси.

**ДОМОВЛАДЕ'ЛИЦА** *женск. р. к* **домовладе́лец.**

**ДОМОВЛАДЕ'НИЕ** *ср.* үй-жай, короо-жай.

**ДОМОВО'Й** *м. фольк.* албарсты (*жок нерсеге ишенүүчүлөрдүн түшүнүгү боюнча ар бир үйдө болуучу жин*).

**ДОМО'ВЫЙ,** -ая, -ое **дом** I-*ге т.*; **домо́вая кни́га** үй книгасы (*үйдө турган, жашаган адамдарды тиркеген книга*).

**ДОМОГА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* акидей асылуу, артынан көшөрө түшүү.

**ДОМОГА'ТЬСЯ** *несов. чего* артынан түшүү, артынан акидей асылуу.

**ДОМО'Й** *нареч.* 1. үйгө, үйдү көздөй; **мы пойдём домо́й** биз үйгө барабыз; 2. (*на родину*) элге, журтка, жерге; **съе́здить домо́й на побы́вку** элге барып туруп кайтуу.

**ДОМОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **домолоти́ть.**

**ДОМОЛОТИ'ТЬ** *сов. что* калганын басып бүтүрүү (*кырманды*); **домолоти́ть хлеб** эгиндин калганын басып бүтүү.

www.bizdin.kg

толуктооч; ◇ **в дополнéние** кошумча кылып, кошумча кылынып.

**ДОПО'ЛНЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **допóлнить;** 2. *прил.* толукталган, толуктап киргизилген; **испрáвленное и допóлненное издáние** түзөтүлгөн жана толукталган басылышы.

**ДОПОЛНИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* кошумча, кошумчалап, үстүнө дагы; **ему́ дáли дополни́тельно дéвять дней óтпуска** ага кошумча тогуз күн отпуск беришти.

**ДОПОЛНИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кошумча; **дополни́тельные свéдения** кошумча маалыматтар; ◇ **дополни́тельные цветá** *физ.* кошумча ыраң, кошумча түс (*белгилүү пропорцияда кошулуп, агыш түс бере турган эки түс*).

**ДОПО'ЛНИТЬ** *сов. кого-что* толуктоо, кошумчалоо.

**ДОПО'ЛНИТЬСЯ** *сов.* толукталуу, кошумчалануу.

**ДОПОЛНЯ'ТЬ** *несов. см.* **допóлнить.**

**ДОПОЛНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **допóлниться;** 2. *страд. к* **дополня́ть.**

**ДОПОЛУЧА'ТЬ** *несов. см.* **дополучи́ть.**

**ДОПОЛУЧИ'ТЬ** *сов. что* калганын алып бүтүү, кошумча алуу; **дополучи́ть рáзницу в зарплáте** зарплатанын калган айырмасын алуу.

**ДОПОТО'ПНЫЙ**, -ая, -ое *разг. шутл.* (*устарелый*) атам замankы, алда качанкы, эскирип бүткөн, чалдыбары чыккан, качандыр бир убактагы; **допотóпные взгля́ды** атам заманкы көз караштар.

**ДОПРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **допроси́ть.**

**ДОПРИЗЫ'ВНИК** *м.* допризывник (*аскерге чакырылууга жашы жакындап калган жигит*).

**ДОПРИЗЫ'ВНЫЙ**, -ая, -ое призывга чейинки (*аскерге чакырылууга чейинки*); **допризы́вный вóзраст** призывга чейинки жаш; **допризы́вная подготóвка** призывга чейинки даярдык.

**ДОПРО'С** *м.* допрос, сурак; **подвéргнуть допрóсу** сурак кылуу, допроско алуу; **перекрёстный допрóс** бир нече тараптан кайчылаштыра жүргүзүлгөн сурак; **снять допрóс** сурак кылып жазуу.

**ДОПРОСИ'ТЬ** *сов. кого* допроско алуу, суракка алуу, допрос кылуу, сурак кылуу.

**ДОПРОСИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. *чего и с неопр.* (*выпросить*) суранып (өтүнүп) бир натыйжага жетүү; **егó не допрóсишься письмó написáть** суранып да ага кат жаздыра албайсың; 2. *о чём* (*разузнать*) сурамалдоо, сурамжылоо; **мы не моглú допроси́ться, кто он такóй, откýда рóдом** анын ким экендигин, кайда туулгандыгын сурамжылап биле албадык.

**ДОПРЫ'ГАТЬСЯ** *сов. разг.* кайпалактап жүрүп балакетке кабылуу, кырсыкка жолугуу.

**ДОПРЫ'ГНУТЬ** *сов. до чего* секирип жетүү, жете секирүү.

**ДО'ПУСК** *м.* 1. (*право входа*) кирүү укугу, уруксат; **имéть дóпуск к больнóму** оорукчуга кирүү укугу болуу; 2. *тех.* допуск (*техникалык деталдарды жана башка нерселерди жасоодо белгиленген өлчөмдөн чыгуунун мүмкүн болгон чеги*).

**ДОПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **допусти́ть; допускáю, что он не знал** мүмкүн, ал билген жок деп эсептейм (ойлойм, болжолдойм); **я не допускáю э́той мы́сли** мен мындай деп ойлобоймун.

**ДОПУСКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. уруксат кылынуу, жол коюлуу; **э́то не допускáется** буга жол коюлбайт; 2. *страд. к* **допускáть.**

**ДОПУСТИ'МЫЙ**, -ая, -ое мүмкүн, жөнү бар.

**ДОПУСТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого до кого-чего, к кому-чему* уруксат кылуу, жол берүү, мүмкүндүк берүү; **допусти́ть к экзáмену** экзаменге уруксат кылуу; 2. *что* (*позволить*) чыдоо, жол коюу, жол берүү; **э́того допусти́ть нельзя́** буга жол коюуга болбойт; 3. *что* (*предположить*) мүмкүн (макул)... деп ойлоо (болжоо); **допýстим, что э́то бýдет так** макул, бул ушундай эле боло койсун; ◇ **допусти́ть оши́бку** ката жиберүү (кетирүү).

**ДОПУЩЕ'НИЕ** *ср.* (*предположение*) болжол, жоруу, божомол.

**ДОПЫТА'ТЬСЯ** *сов. разг.* сурамжылап билүү; **мы, наконéц, допытáлись, как найти́ егó** биз, акырында, аны кандай кылып табууну сурамжылап билдик.

**ДОПЫ'ТЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **допытáться.**

**ДО'ПЬЯНА'** *нареч. разг.* мас болгуча.

**ДОРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **доработáть.**

**ДОРАБО'ТАТЬ** *сов.* 1. (*проработать*) иштөө (*белгилүү бир убакка чейин*); **дорабóтать до утрá** таң аткыча иштөө, таң сүргүчө иштөө; 2. *что* (*доделать*) кем жерин иштеп бүтүрүү; **э́тот проéкт нýжно дорабóтать** бул проектинин кем жерин иштеп бүтүрүү керек.

**ДОРАБО'ТАТЬСЯ** *сов. до чего, разг.* иштей берип өзүн бир абалга алып келүү.

**ДОРАБО'ТКА** *ж. разг.* иштеп бүтүрүү, калганын (чаласын) иштеп бүтүү, бүтүрө иштөө; **вернýть рýкопись áвтору на дорабóтку** чаласын (кемчилигин) оңдоо үчүн кол жазманы авторго кайтарып берүү.

**ДОРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **дорасти́.**

**ДОРАСТИ'** *сов.* өсүп жетүү, жете өсүү; ◇ **ты ещё не дорóс** сен али өсүп жете элексиң, сен али баласың.

**ДОРВА'ТЬСЯ** *сов. до кого-чего, разг.* аңсаган нерсесине жетүү, качырып сала берүү, эт-бетинен кетүү.

**ДОРЕВОЛЮЦИО'ННЫЙ**, -ая -ое революцияга чейинки.

**ДОРЕФО'РМЕННЫЙ**, -ая, -ое *ист.* реформага чейинки; **дорефóрменная Росси́я** реформага чейинки Россия (*Россияда 19 кылымдын 60 жылдарындагы реформага чейинки*).

**ДОРИСОВА'ТЬ** *сов. кого-что* сүрөт тартып бүтүү.

**ДОРИСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **дорисовáть.**

**ДОРИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое *архит.* доридалык (*байыркы гректерде — архитектуранын бир стилине таандык*); **дори́ческая колóнна** доридалык стиль менен салынган колонна.

**ДОРО'ГА** *ж.* жол; **проклáдывать дорóгу** жол салуу; **отправля́ться в дорóгу** жолго (сапарга) чыгуу; **сби́ться с дорóги** жолдон адашуу; **пробивáть себé дорóгу** *прям. и перен.* өзүнө өзү жол ачуу; **мне с ним не по дорóге** *прям. и перен.* мен ага жолдош боло албайм, мен аны менен бир жолдон жүрө албайм; ◇ **желéзная дорóга** темир жол; **тудá емý и дорóга!** *разг.* сооп болуптур!; ырас болуптур!; **дорóгу!** жол бер!, пош!; **скáтертью дорóга** кайда барсаң, анда бар; жогол-ары; **идти́ своéй дорóгой** өз акылы менен болуу; **по дорóге** жолдо баратып; **стать** *кому-л.* **поперёк дорóги** *бирөөгө* жолто кылуу, *бирөөгө* жол бербөө.

**ДО'РОГО** *нареч.* 1. (*по дорогой цене*) кымбат; **дóрого купи́ть** кымбат сатып алуу; 2. *перен.* кыйын, кымбат; **дóрого обошлóсь** кымбатка түштү (*далайды көрсөттү*); **нам дóрого кáждое егó слóво** анын ар бир сөзү бизге алтын; ◇ **любó-дóрого** кубанасың, көңүлүңө толот.

**ДОРОГОВИ'ЗНА** *ж.* кымбатчылык.

**ДОРО'ГОЙ** *нареч. разг.* жолдо, жолоочулап жүргөндө, жол жүргөндө, жол боюу.

**ДОРОГО'Й**, -áя, -óе 1. (*дорогостоящий*) кымбат; **э́то óчень дорогóй ковёр** бул өтө кымбат килем; 2. (*милый, любимый*) кымбаттуу; **дорогóй друг!** кымбаттуу дос!; **дорогóй товáрищ!** кымбаттуу жолдош!; 3. *перен.* баалуу, кымбаттуу; **дорогáя побéда** кымбатка түшкөн жеңиш; **кáждая минýта дорогá** ар бир минута кымбат.

**ДОРОГОСТО'ЯЩИЙ**, -ая, -ее кымбат турган, баасы кымбат.

**ДОРО'ДНОСТЬ** *ж.* толмочтук, күржүгүйлүк.

**ДОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое толмоч, күржүгүй; **дорóдный мужчи́на** толмоч эркек.

**ДОРО'ДСТВО** *ср. см.* **дорóдность.**

www.bizdin.kg

**ДОРОЖА'ТЬ** *несов.* кымбаттоо, кымбаттап кетүү.

**ДОРО'ЖЕ** *сравн. ст. от прил.* **дорогóй** 1, 2 *и нареч.* **дóрого** 1. кымбатыраак; 2. *перен.* кымбат, баалуу.

**ДОРОЖИ'ТЬ** *несов. кем-чем* баалоо, ардактоо, сактоо, кадырлоо.

**ДОРОЖИ'ТЬСЯ** *несов. разг.* кымбат суроо, өтө кымбат суроо.

**ДОРО'ЖКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **дорóга** жол, жолчо; **беговáя дорóжка** тегеретме, жарыш жолу; 2. (*коврик, маленькая скатерть*) дорожка (*энсиз узун килем же дасторкон*).

**ДОРО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **дорога**-*га т.*; **дорóжный мáстер** *ж.-д.* жол мастери (*темир жолдо ремонт иштерин башкаруучу мастер*); **дорóжная сýмка** жол баштыгы.

**ДОРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **дорыть.**

**ДОРЫ'ТЬ** *сов. что* 1. (*кончить рыть*) казып бүтүү (бүтүрүү), бүтүрө казуу; 2. *до чего* чейин казуу.

**ДОРЫ'ТЬСЯ** *сов.* казып жетүү; **мы дорылись до воды́** биз казып отуруп, сууга жеттик.

**ДОСА'ДА** *ж.* ыза, кордук, өкүнүч; **какáя досáда!** кандай өкүнүч!, олдо, кокуй ай!, аттиң!; **с досáды** ыза болгонунан, ызалыктан.

**ДОСАДИ'ТЬ** *сов. кому* ызалоо, ыза кылуу.

**ДОСА'ДНО** *безл. в знач. сказ. кому* кап, аттигин ай.

**ДОСА'ДНЫЙ,** -ая, -ое кордук болуучу, өкүнүчтүү; **досáдная ошúбка** өкүнүчтүү ката.

**ДОСА'ДОВАТЬ** *несов. на кого-что* ыза болуу; **я досáдовал на прия́телей** мен жолдошторума ыза болдум.

**ДОСАЖДА'ТЬ** *несов. см.* **досадить.**

**ДОСЕВА'ТЬ** *несов. см.* **досéять.**

**ДОСЕ'ЯТЬ** *сов. что* сээп бүтүү, бүтүрө себүү.

**ДОСИДЕ'ТЬ** *сов. до чего* чейин отуруу, отура берүү; **мы досидéли до сáмого концá лéкции** биз лекциянын аягына чейин отурдук.

**ДОСИ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **досидéть.**

**ДОСКА'** *ж.* 1. (*материал*) тактай; **дубóвые дóски** эмен тактайлар; 2. (*плита, пластина и т. д. для чего-л.*) доска, тактай, такта (*түрдүү нерседен тактайга окшотуп жасалган буюм*); **клáссная доскá** класс доскасы; **грúфельная доскá** таш такта (*жазуу үчүн*); **доскá почёта** ардак тактасы; **мрáморная доскá** мрамор доска; **шáхматная доскá** шахмат доскасы; ◇ **стáвить на однý дóску** бирдей көрүү, тең көрүү; теңдештирүү; **от доскú до доскú** баштан аяк (*мис. китепти окуп чыгуу*); **до гробовóй доскú** көргө киргиче, өлөр-өлгөнчө.

**ДОСКАЗА'ТЬ** *сов. что* айтып бүтүрүү, бүтүрө айтуу; **вы чегó-то не досказáли мне** сиз мага эмненидир бүтүрө айтпадыңыз.

**ДОСКА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **досказáть.**

**ДОСКАКА'ТЬ** *сов. до чего* чаап жетүү, чаап отуруп жетүү; **он доскакáл до селéния за три часá** ал кыштакка үч саатта чаап жетти.

**ДОСКОНА'ЛЬНО** *нареч.* толугу менен, ийне-жибине чейин; **мне доскона́льно извéстно э́то дéло** бул иш мага ийне-жибине чейин белгилүү.

**ДОСКОНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое абдан толук, бүт бойдон, ийне-жибине чейин.

**ДОСЛА'ТЬ** *сов. что* кошумча жиберүү, калганын жиберүү; **дослáть слéдуемые дéньги** тийиштүү акчанын калганын жиберүү; ◇ **дослáть патрóн** *воен.* патронду түртүп ордуна жеткирүү.

**ДОСЛЕ'ДОВАНИЕ** *ср. юр.* кошумча тергөө, кошумча текшерүү.

**ДОСЛЕ'ДОВАТЬ** *сов. и несов. что, юр.* кошумча тергөө, кошумча текшерүү.

**ДОСЛО'ВНО** *нареч.* сөзмө-сөз, так өзүндөй.

**ДОСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое сөзмө-сөз, так өзүндөй; **дослóвный перевóд** сөзмө-сөз котормо.

**ДОСЛУЖИ'ТЬ** *сов. до чего* чейин кызмат кылуу, калган убакытты кызмат кылып өткөрүү; **дослужúть до пéнсии** пенсияга чыкканча кызмат кылуу.

**ДОСЛУЖИ'ТЬСЯ** *сов. до чего, разг.* кызмат кылуу менен бир даражага жетүү.

**ДОСЛУ'ШАТЬ** *сов. кого-что* чейин угуу, дейре угуу; **я дослýшал лéкцию до концá** мен лекцияны аягына чейин уктум.

**ДОСЛУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **дослýшать.**

**ДОСЛЫ'ШАТЬ** *сов. что, чаще с отриц., разг.* анык угуу, баарын угуу; **не дослы́шать** укпай калуу.

**ДОСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **досмотрéть.**

**ДОСМО'ТР** *м. офиц.* кароо (*контролдук максат менен товарды же буюмдарды кароо*); **тамóженный досмóтр** таможенный кароо.

**ДОСМОТРЕ'ТЬ** *сов. что* 1. чейин кароо, дейре кароо; **мы досмотрéли пьéсу до половúны** биз пьесаны жартысына чейин карадык; 2. *офиц.* (*на таможне*) кароо; **багáж досмóтрят на границе** багажды чек арада карашат.

**ДОСМО'ТРЩИК** *м.* кароочу (*чек арадан өткөндө жүк, ана-мынаны кароочу атайы кызматчы*).

**ДОСО'ХНУТЬ** *сов.* жете кургоо, бүтө кургоо.

**ДОСПА'ТЬ** *сов. до чего* чейин уктоо, дейре уктоо; **я сегóдня доспáл до семú часóв** мен бүгүн саат жетиге чейин уктадым.

**ДОСПЕВА'ТЬ** *несов. см.* **доспéть.**

**ДОСПЕ'ТЬ** *сов. разг.* бышып жетүү, жете бышуу, жетиле бышуу (*мис. жемиш*).

**ДОСПЕ'ХИ** *только мн., уст.* курал-жарак, жабдык, курал жана соот-шайман (*кылыч, найза сыяктуу куралдар жана денени сактоочу соот-шаймандар*).

**ДОСРО'ЧНО** *нареч.* мөөнөтүнөн мурда, сроктон мурун; **выполнить план досрóчно** планды срогунан мурда аткаруу.

**ДОСРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое срогу (мөөнөтү) бүтпөстөн мурунку, мөөнөткө чейинки; **досрóчное выполнéние плáна** пландын мөөнөтүнөн мурда аткарылышы.

**ДОСТАВА'ТЬ** *несов. см.* **достать.**

**ДОСТАВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **достáться**; 2. *страд. к* **доставáть.**

**ДОСТА'ВИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жеткирүү, жеткирип берүү; **достáвить товáр** товар жеткирүү; **достáвить на́ дом** үйгө жеткирип берүү; 2. *что* (*причинить*) себепкер болуу; **твой приéзд достáвил мне большýю рáдость** сенин келишиң мага чоң кубаныч болду.

**ДОСТА'ВКА** *ж.* жеткирүү, жеткирип берүү; **уплатúть за достáвку** жеткирип берүү акысын төлөө.

**ДОСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **достáвить.**

**ДОСТА'ТОК** *м.* 1. (*зажиточность*) оокаттуулук; **жить в достáтке** оокаттуу жашоо; 2. **достáтки** *мн. разг.* (*доходы, имущество*) киреше; мүлк; **достáтки их бы́ли срéдние** алар орто чарба эле.

**ДОСТА'ТОЧНО** 1. *нареч.* (*в достаточной степени*) бир топ, бир далай, жетишерлик, анчалык; **достáточно сúльный** жетишерлик күчтүү; 2. *нареч.* (*довольно, хватит*) кой, болду, жетишет; **достáточно, замолчúте!** жетишет эми, унчукпагыла!; 3. *в знач. сказ.* жетишет, жетишерлик, болот; **э́того бы́ло достáточно** бул эле жетишерлик болчу.

**ДОСТА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. жетердик, жетишерлик; **достáточное доказáтельство** жетишерлик далил; 2. *уст.* (*зажиточный*) оокаттуу, бардар.

**ДОСТА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*взять*) алуу; **достáть кнúгу с пóлки** текчеден китепти алуу; 2. *что* (*приобрести*) табуу; **я достáл замечáтельную кнúгу** мен эң сонун китеп таптым; 3. *чего, до чего* (*достичь, дотянуться*) жетип алуу, бою жетүү, жетүү; **достáть до потолкá** потолокко жетүү; **здесь дна веслóм не достáть** ушул жердин түбүнө калак бойлобойт (*терең*); 4. *безл. разг.* (*хватить*) жетүү, жетишүү, жетишерлик болуу; **сил у нас достáнет** биздин күчүбүз жетишет.

www.bizdin.kg

**ДОСТА'ТЬСЯ** *сов. кому* **1.** (*при раздаче, разделе*) калуу, энчисине тийүү; **мне доста́лась от отца́ прекра́сная библиоте́ка** мага атамдан эң сонун библиотека калды; **2.** *безл. разг.* (*получить нагоняй*) жеме угуу, тил угуу, жазалануу; **ему́ доста́нется за ша́лости** ал тентектиги үчүн сазайын көрөт; **3.** *безл. разг.* (*выпасть на долю*) убара болуу, далайды көрүү, азап тартуу; **ну, и доста́лось нам во вре́мя пожа́ра!** ай, өрт убагында далайды көрдүк да!

**ДОСТИГА'ТЬ** *несов. см.* **дости́гнуть.**

**ДОСТИ'ГНУТОЕ** *ср.* жетишилген, жетишкендик, жетишкендиктер; **не остана́вливаться на дости́гнутом** жетишкендиктерге канааттанып токтоп калбоо, жетишкендик менен чектелбөө.

**ДОСТИ'ГНУТЬ** *сов. чего* жетүү, жетишүү; **дости́гнуть бе́рега** жээкке жетүү; **дости́гнуть це́ли** максатка жетүү; **дости́гнуть успе́хов** ийгиликтерге жетишүү; **дости́гнуть соверше́нства** мыктылыкка жетишүү (*өз ишинде, кесибинде*).

**ДОСТИЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** жетишүү; **для достиже́ния це́ли** максатына жетишүү үчүн; **2.** (*успех*) жетишкендик, натыйжа; **достиже́ния на́шей промы́шленности** биздин өнөр жайлардын жетишкендиктери; **достиже́ния нау́ки и те́хники** илимдин жана техниканын жетишкендиктери.

**ДОСТИЖИ'МЫЙ,** -ая, -ое жетишкидей, жетише алардык, мүмкүн; **э́та цель вполне́ достижи́ма** бул максатка толук жетишүүгө болот.

**ДОСТИ'ЧЬ** *сов. см.* **дости́гнуть.**

**ДОСТОВЕ'РНОСТЬ** *ж.* шексиздик, чындык, ырастык; **я руча́юсь за достове́рность э́того сообще́ния** бул кабардын чындыгына мен кепил боло алам.

**ДОСТОВЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое шексиз, анык, ырас; **достове́рные све́дения** анык маалыматтар.

**ДОСТО'ИНСТВО** *ср.* **1.** (*моральные качества*) нарк, кадыр, абийир; **челове́ческое досто́инство** кишилик кадыр; **он уме́ет держа́ть себя́ с досто́инством** ал өз абийирин (наркын) сактай билет; **2.** (*положительное качество*) *бир нерсенин* жакшы жагы, татык, татырдык; **досто́инство э́той кни́ги в правди́вости и увлека́тельности изложе́ния** бул китептин жакшы жактары — чындыкты көрсөткөндүк жана кызыктуу жазылышы; **3.** (*стоимость*) баа, нарк, татырдык, турардык; **моне́та досто́инством в два́дцать копе́ек** жыйырма тыйындык монета, баасы жыйырма тыйындык монета.

**ДОСТО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*заслуживающий чего-л.*) татырдык, татыктуу, арзырдык; **рабо́тник, досто́йный премирова́ния** сыйлоого татырдык кызматчы; **досто́йный уваже́ния** кадырдоого арзырдык; **2.** (*справедливый*) туура; **досто́йная оце́нка** туура баа; **3.** (*почтенный*) ардактуу, кадырдуу, беделдүү; **досто́йный челове́к** ардактуу киши.

**ДОСТОПА'МЯТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* унутулбас.

**ДОСТОПРИМЕЧА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кызыктырардык нерсе; көзгө урунарлык нерсе; атактуу нерсе; сонун; **осма́тривать достопримеча́тельности Москвы́** Москванын сонун жерлерин кыдырып көрүү.

**ДОСТОПРИМЕЧА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кызыктырардык, көзгө урунардык, көркөм, атактуу, сонун.

**ДОСТОЯ'НИЕ** *ср.* **1.** мүлк; **наро́дное достоя́ние** элдин мүлкү; **2.** энчи; **в СССР нау́ка ста́ла достоя́нием масс** СССРде илим массанын энчиси болуп калды.

**ДОСТОЯ'ТЬ** *сов. до чего* жете туруу; **достоя́ть до конца́** аягына чейин туруу (*мис. кароолдо*).

**ДОСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **достро́ить.**

**ДОСТРО'ИТЬ** *сов. что* куруп бүтүү, бүтүрө куруу; **дом почти́ достро́или** үйдү куруп бүтө жаздашты.

**ДО'СТУП** *м.* кирүү, кирүүгө мүмкүндүк; **до́ступ в зал прекраща́ется по́сле тре́тьего звонка́** үчүнчү коңгуроодо кийин залга кирүү токтотулат.

**ДОСТУ'ПНОСТЬ** *ж.* **1.** жол ачыктык; **2.** *перен.* түшүнүктүүлүк, оңойлук, жеңилдик; **досту́пность изложе́ния** сүйлөмүнүн түшүнүктүүлүгү; **3.** (*цен*) арзанчылык, анчалык көтөрүңкү эместик; **досту́пность цен** баанын арзанчылыгы, баанын анчалык көтөрүңкү эместиги, кол жетердик, баасы анча көтөрүңкү эместик.

**ДОСТУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое **1.** чыгууга оңой (жеңил), барууга оңой (жеңил), жол (эшик) ачык; **э́то вполне́ досту́пная верши́на** бул чыгууга оңой чоку; **2.** (*подходящий для многих*) жалпыга эшик ачык; **образова́ние у нас досту́пно всем трудя́щимся** илим алуу үчүн бизде бардык эмгекчилерге эшик ачык; **3.** *перен.* (*лёгкий для понимания*) түшүнүгү жеңил, оңой (*мис. китеп*); **4.** *перен.* (*о человеке*) элпек, жөнөкөй; **5.** (*о ценах*) арзан, баасы анча көтөрүңкү эмес.

**ДОСТУЧА'ТЬСЯ** *сов. разг.* угуза түкүлдөтүү, такылдатуу, түкүлдөтүп угузуу, такылдатып угузуу.

**ДОСУ'Г** *м.* бош убак; **она́ посвяща́ла свой досу́г му́зыке** ал өзүнүн бош убагын музыкага арнады; **в часы́ досу́га** ара-чолодо; **на досу́ге** бош убакта, чолодо, кол тийгенде.

**ДОСУ'ЖИЙ,** -ая, -ее *разг.* бош, бекер; **досу́жие разгово́ры** бекердин сөзү.

**ДО'СУХА** *нареч.* кургагыча.

**ДОСУШИ'ТЬ** *сов. что* жеткире кургатуу, кургатып (кагыратып, кактап) бүтүү, жеткизе кургатуу.

**ДОСЧИТА'ТЬ** *сов. что* **1.** *до чего* (*просчитать*) чейин эсептөө, дейре эсептөө; **уме́ешь ли ты досчита́ть до ста?** сен жүзгө чейин санай аласыңбы?; **2.** (*окончить считать*) эсептеп бүтүү; **досчита́ть гото́вые дета́ли** даяр деталдарды эсептеп бүтүү.

**ДОСЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **досчита́ть.**

**ДОСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **досла́ть.**

**ДОСЫ'ПАТЬ** *сов. что, чего* үстөп салуу, үстөп куюу (*мис. таруу, кум ж. б.*).

**ДОСЫПА'ТЬ I** *несов. см.* **доспа́ть.**

**ДОСЫПА'ТЬ II** *несов. см.* **досы́пать.**

**ДО'СЫТА** *нареч.* тойгуча, тойгончо, кангыча; **накорми́ть до́сыта** тойгуча тамак берүү; **наговори́ться до́сыта** *перен.* сөзгө кангыча сүйлөшүү (*сөздүн жаагын айруу*).

**ДОСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **досо́хнуть.**

**ДОСЮ'ДА** *нареч. разг.* бул жерге чейин, ушерге дейре, буга чейин.

**ДОСЯГА'ЕМОСТЬ** *ж.* кол жетердик жер, жетүүгө мүмкүн болгондук; **быть вне преде́лов досяга́емости** кол жеткис жерде болуу.

**ДОСЯГА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое *уст.* кол жетердик, колдон келерлик, жетүүгө мүмкүн.

**ДОТА'ЦИЯ** *ж.* дотация (*жетишпеген расходдорун жабуу же башка максаттар үчүн мекеме же уюмдарга берилүүчү мамлекеттик пособие*).

**ДОТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* жеткирүү; **мы с трудо́м дотащи́ли наш груз до ста́нции** биздин жүктү станцияга кыйынчылык менен жеткирдик.

**ДОТАЩИ'ТЬСЯ** *сов. до чего, разг.* араң жетүү, араң дегенде жетүү, араңдан зорго жетүү; **мы дотащи́лись до́ дому по́здно ве́чером** биз үйгө кеч карайганда араң дегенде жеттик.

**ДОТЛА'** *нареч.* күлү калгыча, таптакыр; **сгоре́ть дотла́** күлү калгыча күйүү, мүлдө күйүү.

**ДОТО'ШНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* бышык, тыкан, сарамжалдуу; **дото́шный челове́к** сарамжалдуу киши.

**ДОТРА'ГИВАТЬСЯ** *несов. см.* **дотро́нуться.**

**ДОТРО'НУТЬСЯ** *сов. до кого-чего* тийүү, тийгизүү.

**ДОТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **дотяну́ть.**

**ДОТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **дотяну́ться; 2.** *страд. к* **дотя́гивать.**

**ДОТЯНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*дотащить*) тартып жеткирүү; **2.** *что до чего, разг.* (*растянуть*) керип, чоюп жеткирүү; **3.** *до чего, перен. разг.* (*дожить*) жеткизүү, жетүү; **больно́й до весны́ не дотя́нет** оору жазга жетпейт; **мы**

www.bizdin.kg

**ко́е-ка́к дотяну́ли до конца́ неде́ли** эптеп-септеп араңдан-зорго жуманын акырына дейре жеткиздик.

**ДОТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* созулуп жетүү, чоюлуп жетүү.

**ДО УПА'ДУ** *см.* **упа́д.**

**ДОУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **доучи́ть.**

**ДОУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **доучи́ться;** 2. *страд. к* **доу́чивать.**

**ДОУЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* жете окутуу, бүтө окутуу; 2. *что* калганын (чаласын) үйрөнүү, жаттоо.

**ДОУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. калганын (чаласын) бүтө окуу, жете окуу, бүтө үйрөнүү; 2. *до чего* чейин окуу, дейре окуу; **доучи́сь до весны́** жазга чейин оку.

**ДОХА'** *ж.* доха (*сыртында да, ичинде да түгү бар келбөөрүгөн тон*).

**ДО'ХЛЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о животных*) өлгөн; **до́хлая соба́ка** өлгөн ит; 2. *перен. разг.* (*хилый*) чабал, бейкаруу, ара бечел.

**ДОХЛЯ'ТИНА** *ж. разг.* (*падаль*) тарп, өлүк.

**ДО'ХНУТЬ** *несов.* өлүү, кырылуу (*айбан жөнүндө*).

**ДОХНУ'ТЬ** *сов.* 1. *однокр.* дем чыгаруу (*бир мертебе*); 2 (*подуть*) жүрүү, согуу; **дохну́л сла́бый ветеро́к** кичинекей жел жүрдү; ◇ **не сметь дохну́ть** *разг.* корккондон катып калуу, дем чыгарбай калуу.

**ДОХО'Д** *м.* доход, киреше; **госуда́рственный дохо́д** мамлекеттик киреше; **трудовы́е дохо́ды** эмгек менен табылган кирешелер.

**ДОХОДИ'ТЬ** *несов. см.* **дойти́; па́стбище на́шего колхо́за дохо́дит до реки́** биздин колхоздун жайыты дарыяга дейре барат; ◇ **у меня́ ру́ки не дохо́дят** *разг.* менин колум тийбейт, колум бошобойт; **не доходя́** бир аз бери; **мы живём немно́го не доходя́ ме́льницы** тегирменден бир аз бери турабыз.

**ДОХО'ДНОСТЬ** *ж.* доходдуулук, кирешелүүлүк; **дохо́дность предприя́тия** ишкананын доходдуулугу.

**ДОХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое доходдуу, кирешелүү, пайдалуу; **дохо́дная статья́ бюдже́та** бюджеттин доходдуу статьясы.

**ДОХО'ДЧИВЫЙ,** -ая, -ое оңой түшүнө турган, жеңил, түшүнүктүү; **дохо́дчивая пье́са** жеңил пьеса.

**ДОЦВЕСТИ'** *сов.* гүлдөп жетүү, жете гүлдөө, толук гүл ачуу; **я́блони уже́ доцвели́** алмалар толук гүлдөдү.

**ДОЦВЕТА'ТЬ** *несов. см.* **доцвести́.**

**ДОЦЕ'НТ** *м.* доцент (*жогорку окуу жайларындагы окутуучунун наамы*).

**ДОЦЕНТУ'РА** *ж.* 1. доцентура (*доценттин наамы, кызматы*); 2. *собир.* доцентура (*доценттер*).

**ДОЧЕ'РНИЙ,** -яя, -ее **дочь**-*ко т.*

**ДОЧЕРТИ'ТЬ** *сов. что* сызып (чийип) бүтүү, бүтө сызуу; **дочерти́ть план строи́тельства** курулуш планын чийип бүтүү.

**ДО'ЧИСТА** *нареч.* 1. (*до чистоты*) тазаргыча, тазалангыча; таптаза кылып; 2. *разг.* (*совсем*) таптакыр; эч нерсе, эчтеке калтырбай; **ребя́та дое́ли всё до́чиста** балдар эч нерсе калтырбай жеп бүтүштү; **обобра́ть** *кого-л.* **до́чиста** *бирөөнү* эчтекесин калтырбай уурдап кетүү (тоноп кетүү).

**ДОЧИ'СТИТЬ** *сов. что* жеткире тазалоо, тазалап бүтүү.

**ДОЧИТА'ТЬ** *сов. что* 1. *до чего* чейин окуу, дейре окуу; **дочита́ть до то́чки** чекитке чейин окуу; 2. (*кончить читать*) окуп бүтүү, бүтө окуу; **сего́дня я дочита́л э́ту кни́гу** мен бул китепти бүгүн окуп бүттүм.

**ДОЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **дочита́ть.**

**ДО'ЧКА** *ж. ласк. от* **дочь** кыз.

**ДОЧУ'РКА** *ж. уменьш.-ласк. от* **дочь** *разг.* кыз, кызыке.

**ДОЧЬ** *ж.* кыз; **моя́ дочь** менин кызым.

**ДОШИВА'ТЬ** *несов. см.* **доши́ть.**

**ДОШИ'ТЬ** *сов. что* тигип бүтүү, бүтө тигүү.

**ДОШКО'ЛЬНИК** *м.* 1. (*ребёнок*) мектепке чейинки жаштагы бала; 2. (*воспитатель*) мектепке чейинки жаштагы балдар менен иштөөчү **тарбиячы.**

**ДОШКО'ЛЬНИЦА** *женск. р. к* **дошко́льник.**

**ДОШКО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое мектепке чейинки; **дошко́льный во́зраст** мектепке чейинки жаш; **дошко́льное воспита́ние** мектепке чейинки тарбия.

**ДО'ШЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* айлакер, өткүр, көптү көргөн.

**ДОЩА'ТЫЙ,** -ая, -ое тактайдан жасалган; **доща́тый мо́стик** тактай көпүрө.

**ДОЩЕ'ЧКА** *ж. уменьш. от* **доска́** 1 кичине тактай, тактайча.

**ДОЯ'РКА** *ж.* саанчы (*аял*).

**ДРА'ГА** *ж. тех.* драга (*топурак сузгуч машина*).

**ДРАГОМА'Н** *м. ист.* драгоман (*Чыгышта европалык посольствонун алдындагы тилмеч*).

**ДРАГОЦЕ'ННОСТЬ** *ж.* 1. (*ювелирное изделие*) кымбат баалуу жасалга (*шакек, билерик, мончок ж. б.*); 2. (*ценная вещь*) кымбаттуу буюм, кымбаттуу мүлк.

**ДРАГОЦЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое кымбаттуу, кымбат баалуу; **драгоце́нное украше́ние** кымбаттуу жасалга; **драгоце́нный ка́мень** асыл таш.

**ДРАГУ'Н** *м. воен. ист.* драгун (*атчан да, жөө да согушуучу кавалериялык аскер*).

**ДРАГУ'НСКИЙ,** -ая, -ое **драгун**-*га т.*

**ДРАЖЕ'** *ср.* драже (*конфеттин бир түрү*).

**ДРАЗНИ'ТЬ** *несов. кого-что* 1. ачууландыруу, кыжырын кайнатуу, жинин келтирүү, итиркейин келтирүү; 2. *перен.* (*возбуждать*) делебени козгоо; **дразни́ть аппети́т** аппетитти козгоо.

**ДРА'КА** *ж.* уруш, мушташ.

**ДРАКО'Н** *м.* 1. *миф.* ажыдаар; 2. *зоол.* дракон (*ысык жактагы чоң кескелдириктин бир түрү*).

**ДРАКО'НОВСКИЙ,** -ая, -ое өтө катаал (*барып турган реакциячыл катаал*); **драко́новские зако́ны** катаал закондор (*биздин заманга чейинки 7 кылымда афиналык Дракон деген закон чыгарган адамдын атына байланыштуу*).

**ДРА'МА** *ж.* драма (1. *театрга арналып, диалог формасында жазылган адабий чыгарма;* 2. *перен. бакытсыздык, шор, оор окуя*).

**ДРАМАТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* драмалаштыруу (*кандайдыр бир чыгарманы драма формасына келтирүү*).

**ДРАМАТИ'ЗМ** *м.* 1. драматизм (*аракеттин өтө эле чыңалгандыгы*); **после́дняя часть рома́на полна́ драмати́зма** романдын акыркы бөлүгү драматизм менен толгон; 2. *перен.* драматизм, оор окуя.

**ДРАМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **драма** 1-*ге т.*; драмалык; **драмати́ческое произведе́ние** драмалык чыгарма; **драмати́ческий теа́тр** драма театры; 2. *перен.* драматизм менен толгон, өтө оор окуялуу; 3. (*о голосе певца*) драмалык (*күчтүү, кайраттуу*); **драмати́ческий те́нор** драмалык тенор; **драмати́ческое сопра́но** драмалык сопрано.

**ДРАМАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* окуянын оордугу (*абалдын өтө эле чыңалганы*).

**ДРАМАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое кайгылуу, оор окуялуу.

**ДРАМАТУ'РГ** *м.* драматург (*драмалык чыгарманын автору*).

**ДРАМАТУРГИ'Я** *ж. собир.* драматургия (*бир элдин, доордун же айрым жазуучунун бардык драма чыгармалары*).

**ДРАМКРУЖО'К** *м.* (драмати́ческий кружо́к) драмкружок, драма кружогу.

**ДРА'НКА** *ж.* дранка (*шыбак токтотуу үчүн же үйдүн төбөсүн жабуу үчүн кагылуучу жука, эни тар тактачалар*).

**ДРА'НЫЙ,** -ая, -ое *разг.* тамтыксыз, чалдыбары чыккан, самсаалаган; **дра́ное пла́тье** тамтыксыз көйнөк.

www.bizdin.kg

**ДРАНЬ** *ж. собир. см.* **дра́нка.**

**ДРАП** *м.* драп (*калың сукно, ноото*).

**ДРАПИРОВА'ТЬ** *несов. кого-что* драпировкалоо, кооздоо (*кездеме менен кооздоо, жасалгалоо*).

**ДРАПИРОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *во что* драпировкалануу, кооздолуу (*кездеме менен*). **2.** *перен.* кой терисин жамынуу.

**ДРАПИРО'ВКА** *ж.* **1.** (*действие*) драпировка, драпировкалоо, кооздоо (*үйдү кездеме менен кооздоо, жасалгалоо*); **2.** (*на окно, на дверь*) драпировка (*эшик, терезе кооздоочу, жасалгалоочу парда*).

**ДРАПИРО'ВЩИК** *м.* драпировщик (*сахнаны же үйдүн ичин кездеме менен кооздоочу киши*).

**ДРА'ПОВЫЙ,** -ая, -ое **драп**-*ка т.*; **дра́повое пальто́** драп пальто.

**ДРАПРИ'** *ср. нескл.* драпри (*кооздолуп буйрүлгөн узун кишеге, парда*).

**ДРА'ТВА** *ж.* өтүкчүнүн учугу (*булгаары буюм тигүүчү момдолгон жоон жип*).

**ДРА'ТВЕННЫЙ,** -ая, -ое: **дра́твенное ши́ло** өтүкчүнүн жулук шибегеси.

**ДРАТЬ** *несов. разг.* **1.** *что* (*рвать*) жыртуу, айруу; **драть о́бувь** бут кийим жыртуу; **2.** *что* (*сдирать*) сыйруу; **драть кору́** кабыгын сыйруу; **драть шку́ру** *с кого-л.* 1) *бирөөнүн* терисин сыйруу; 2) *перен. бирөөнү* тирүүлөй тоноо; *бирөөнүн* терисин тескери сыйруу; **3.** *что* (*вырыва́ть*) жулуу, сууруу; **драть зу́бы** тишти жулуу (сууруу); **4.** *что* (*царапать, раздражать*) тытуу, ачыштыруу; **бри́тва дерёт** устара тытат; **пе́рец дерёт го́рло** мурч тамакты ачыштырат; **5.** *кого* (*дёргать*) чоюу, тартуу, жулкуу; **драть за́ у́ши** кулагын чоюу; **драть за́ во́лосы** чачынан тартуу; **6.** *кого* (*сечь*) сабоо; **драть плётью** камчы менен аябай сабоо; **7.** *что* (*дорого брать*) өтө кымбат сатуу, канап-бутоо; **8.** *кого, обл.* талоо, жаруу, тытуу; **волк дерёт овцу́** карышкыр койду жарып жеп жатат; ◇ **драть крупу́** күйшөө, актоо (*данды кабыгынан ажыратуу*); **у меня́ от стра́ха моро́з по ко́же дерёт** корккондон бүткөн боюм дүркүрөдү, корккондон бүткөн боюм дүр дей түштү; **драть го́рло** *разг.* катуу кыйкыруу, бакыруу, баркылдоо.

**ДРА'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** (*бить друг друга*) урушуу, төбөлөшүү, мушташуу; **2.** (*сражаться*) бирме-бир урушуу, атышуу; **дра́ться на са́блях** бирме-бир кылычташуу; **3.** *перен. разг.* (*бороться за что-л.*) күрөшүү; **дра́ться за выполне́ние пла́на** планды аткаруу үчүн күрөшүү.

**ДРА'ТЬСЯ** II *несов. разг.* (*рваться*) жыртылуу, тытылуу.

**ДРА'ХМА** *ж.* драхма (**1.** *гректин монетасы*; **2.** *аптекалык салмактын эски единицасы*).

**ДРАЧЛИ'ВОСТЬ** *ж. разг.* урушчаактык.

**ДРАЧЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* урушчаак.

**ДРАЧУ'Н** *м. разг.* урушчаак, чыр.

**ДРАЧУ'НЬЯ** *женск. р. к* **драчу́н.**

**ДРЕБЕДЕ'НЬ** *ж. разг.* көр-жер, тыйынга арзыбаган, какыр-чикир.

**ДРЕ'БЕЗГ** *м.*: **с дре́безгом** шыңгырап, шыңгыр менен; **разби́ться в ме́лкие дре́безги** таш-талканы чыгып кетүү, талкаланып кетүү, күкүм болуу.

**ДРЕБЕЗЖА'НИЕ** *ср.* шалдыроо, шылдыроо, чыйкылдоо, дирилдөө; **дребезжа́ние о́кон** терезелердин дирилдеши.

**ДРЕБЕЗЖА'ТЬ** *несов.* шалдыроо, шылдыроо, чыйкылдоо, дирилдөө.

**ДРЕВЕСИ'НА** *ж.* сөңгөк (*жыгачтын кабык астындагы катуу бөлүгү*).

**ДРЕВЕ'СНИЦА** *ж.* жыгаччыл (**1.** *жыгачка чыккыч бака*; **2.** *жыгач жегич көпөлөк жана анын курту*).

**ДРЕВЕ'СНЫЙ,** -ая, -ое **дерево**-*го т.*; **древе́сный у́голь** жыгачтын көмүрү; **древе́сная ма́сса** жыгач массасы (*жыгачтын кагаз жасалуучу массасы*).

**ДРЕ'ВКО** *ср.* каскак (*найза же желек тагылуучу ичке узун жыгач*).

**ДРЕВНЕ-** *татаал сөздөрдүн «байыркы» деген маанини берe турган биринчи бөлүгү; мис.* **древнери́мский** байыркы римдик.

**ДРЕВНЕГРЕ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое байыркы гректик; **древнегре́ческий язы́к** байыркы грек тили.

**ДРЕВНЕЕВРЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое байыркы еврейлик.

**ДРЕВНЕРУ'ССКИЙ,** -ая, -ое байыркы рустук; **древнеру́сская исто́рия** Байыркы Русь тарыхы.

**ДРЕ'ВНИЙ,** -яя, -ее **1.** (*античный*) байыркы, мурунку замандагы; **дре́вние языки́** байыркы тилдер; **дре́вняя исто́рия** байыркы тарых; **2.** (*старинный*) эзелки, эчаккы; **дре́вний обы́чай** эзелки адат; **3.** (*очень старый*) өтө карыган; **дре́вний стари́к** ак ээк абышка, өтө карыган абышка; **4.** *в знач. сущ.* **дре́вние** *мн.* байыркылар, байыркы элдер.

**ДРЕ'ВНОСТЬ** *ж.* **1.** байыркылык, эзелкилик; **дре́вность э́той кре́пости дока́зана учёными** бул крепосттун (сепилдин) эзелкилиги окумуштуулар тарабынан далилденген; **2. дре́вности** *мн.* эзелки нерселер, байыркы нерселер; **музе́й дре́вностей** эзелкилер музейи; **3.** эчак өткөн заман; **э́то происходи́ло в дре́вности** бул байыркы заманда болуп өткөн.

**ДРЕ'ВО** *ср. поэт. уст. см.* **де́рево.**

**ДРЕВОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое жыгач турпаттуу; **древови́дные расте́ния** жыгач турпаттуу өсүмдүктөр.

**ДРЕВОНАСАЖДЕ'НИЕ** *ср.* жыгач отургузуу, жыгач тигүү.

**ДРЕВОТО'ЧЕЦ** *м.* жыгаччы көпөлөк (*курту жалбырактуу жыгачтарда жашоочу, түн көпөлөгүнүн бир түрү*).

**ДРЕДНО'УТ** *м. мор.* дредноут (*ыраакка тийме артиллериялуу, сырты броня менен капталган согуш кемеси*).

**ДРЕЗИ'НА** *ж. ж.-д.* дрезина (*темир жол менен жүрүүчү төрт дөңгөлөктүү, кол менен башкарылуучу атайын кичине араба*).

**ДРЕЙФ** *м. мор.* **1.** дрейф (*шамалдын же агындын таасири менен кеменин негизги багыттан башка жакка бурулушу*); **2.** дрейф (*деңиздин агынына жараша муздун калкып жүрүшү*); **лечь в дрейф** *или* **лежа́ть в дре́йфе** дрейфте туруу (*кеме бир эле жерде тургудай кылып парусту жаюу*).

**ДРЕ'ЙФИТЬ** *несов. разг.* калтаарып калуу, коркуп калуу.

**ДРЕЙФОВА'ТЬ** *несов. мор.* дрейфтөө (**1.** *шамалдын же агындын таасири менен калкып кетүү же алган курсунан бурулуу*; **2.** *бир жерде токтоп туруу*).

**ДРЕЙФУ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее дрейфтөөчү (*калкып жүрүүчү; мис. деңиздеги муз*); **дрейфу́ющая ста́нция** дрейфтөөчү станция.

**ДРЕЛЬ** *ж. тех.* кичине бурама, үшкү, кичине бурoo.

**ДРЕМА'** *ж.* **1.** *поэт. уст.* үргүлөө; **2.** *обл.* (*петля у кнута*) бүлдүргө.

**ДРЁМА** *ж. обл. см.* **дрема́.**

**ДРЕМА'ТЬ** *несов.* **1.** үргүлөө; **стари́к дре́млет си́дя** абышка үргүлөп отурат; **2.** *с отриц., перен.* сергек болбоо; сак болбоо; **враг не дре́млет** душман сергек.

**ДРЕМА'ТЬСЯ** *несов. безл.*: **мне дре́млется** мен үргүлөп бара жатам.

**ДРЕМО'ТА** *ж.* үргүлөө.

**ДРЕМО'ТНЫЙ,** -ая, -ое үргүлөгөн; **дремо́тное состоя́ние** үргүлөгөн абал.

**ДРЕМУ'ЧИЙ,** -ая, -ее чытырман, иттин мурду өткүс; **дрему́чий лес** чытырман токой.

**ДРЕНА'Ж** *м.* дренаж (**1.** *тех. саздак жерлерди кургатуу жана жер астындагы сууларды төмөндөтүү үчүн көрүлгөн чаралар жана курулуштар*; **2.** *мед. жарадагы ириңди жана сары сууну атайы жасалган түтүк менен агызып чыгаруу*).

**ДРЕНА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **дренаж** 1-*ге т.*; **дрена́жная труба́** дренаж трубасы.

www.bizdin.kg

**ДРЕНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех.* дренаждоо, дренаж кылуу.

**ДРЕСВА'** *ж.* күкүм (*таштардан, тоо тектеринен убаланып түшкөн күкүмдөр*).

**ДРЕССИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **дрессировать**; 2. *прил.* үйрөтүлгөн, тапталган (*мис. ат, ит*).

**ДРЕССИРОВА'ТЬ** *несов. кого* үйрөтүү, машыктыруу; **в цирке дрессируют животных** циркте айбандарды үйрөтөт.

**ДРЕССИРО'ВКА** *ж.* таптоо, үйрөтүү, машыктыруу (*айбандарды*).

**ДРЕССИРО'ВЩИК** *м.* дрессировщик (*айбандарды таптоочу, үйрөтүүчү*).

**ДРЕССИРО'ВЩИЦА** *женск. р. к* **дрессировщик**; дрессировщица.

**ДРОБИ'ЛКА** *ж. тех.* талкалагыч, майдалагыч (*тоо тектерин талкалоочу машина*).

**ДРОБИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **дробильные машины** талкалагыч машиналар.

**ДРОБИ'НКА** *ж.* бир даана бытыра, бир бытыра.

**ДРОБИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*разбивать*) талкалоо, майдалоо; 2. *перен.* майдалап бөлүү; **дробить вопрос** маселени майдалап бөлүү.

**ДРОБИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. талкалануу, майдалануу; 2. *страд. к* **дробить**.

**ДРОБЛЕ'НИЕ** *ср.* талкалоо, майдалоо, талкалануу, майдалануу.

**ДРО'БНЫЙ,** -ая, -ое 1. *мат.* бөлчөктүк; **дробное число** бөлчөктүк сан; 2. (*мелкий*) майда, убак; **дробный шаг** майда кадам, тыпылдатып майда басуу.

**ДРОБЬ** *ж.* 1. *мат.* бөлчөк; **простые дроби** жөнөкөй бөлчөктөр; **десятичные дроби** ондук бөлчөктөр; 2. (*для стрельбы*) бытыра, чачма; **стрелять дробью** бытыра менен атуу; ◇ **барабанная дробь** барабандын дыбырагапы, барабандын дыбыр-дыбыры.

**ДРОВА'** *только мн.* отун; **берёзовые дрова** кайың отун; ◇ **кто в лес, кто по дрова** *погов.* чар учкандай, баш-аягы жок, баш аламан.

**ДРО'ВНИ** *только мн.* жалпак чана (*отун, жүк ташыгыч жалпак чана*).

**ДРОВОКО'Л** *м.* отун жаргыч жумушчу.

**ДРОВОСЕ'К** *м.* 1. отунчу (*отун кесүүчүлүк менен кесип кылуучу киши*); 2. *зоол.* жыгаччы коңуз (*курту жыгач жечүү коңуз*).

**ДРОВЯНО'Й,** -ая, -ое **дрова**-*га т.*; **дровяной сарай** отун сарайы.

**ДРО'ГИ** *только мн.* дроги (*узун солкулдак араба*).

**ДРО'ГНУТЬ** I *несов.* (*зябнуть*) калтыроо, дирилдөө.

**ДРО'ГНУТЬ** II *сов.* 1. (*задрожать*) титирей түшүү, калтырай түшүү; **от волнения голос у него дрогнул** апкаарыгандыктан үнү калтырай түштү; **рука его дрогнула при прощании** коштошкон кезде колу калтырап кетти; 2. *перен.* (*прийти в смятение*) селт эте түшүү, шашкалаңдап калуу; **неприятель дрогнул и побежал** душман селт дей түшүп, качып жөнөдү; ◇ **у него рука не дрогнет** жүрөгү даайт; колу барат.

**ДРОЖА'НИЕ** *ср.* дирилдөө, калтыроо, титирөө; калчылдоо (*озноб*); **дрожание голоса** үндүн калтырашы.

**ДРОЖА'ТЬ** *несов.* 1. (*сотрясаться*) дирилдөө, титирөө; **стёкла дрожат** айнек дирилдейт; 2. калтыроо, титирөө; калчылдоо (*знобить*); **дрожать от холода** суукта калтыроо; **голос дрожит** үн калтырайт; 3. *перен.* (*трепетать, бояться*) коркуу, муун бошоо, калтыроо; 4. *за кого-что, перен.* (*беспокоиться*) камыроо, сактоо (*оберегать*); 5. *над кем-чем, перен.* калтыроо, титирөө; **он дрожит над каждой копейкой** ал бир тыйын үчүн титирейт.

**ДРОЖА'ЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **дрожать**; 2. *прил.* дирилдек, калтырак; **дрожащий голос** калтырак үн.

**ДРОЖЖЕВО'Й,** -ая, -ое **дрожжи**-*ге т.*; **дрожжевой завод** ачыткы заводу.

**ДРО'ЖЖИ** *только мн.* ачыткы; **пивные дрожжи** пиво ачыткысы.

**ДРО'ЖКИ** *только мн. уст.* дрожки (*киши отургуч төрт дөңгөлөктүү жеңил араба*).

**ДРОЖЬ** *ж.* дирилдек, калтырак, чымыроо; **лихорадочная дрожь** безгек калтырагы; **дрожь пробежала у него по спине** анын аркасы чымырап кетти (дүрүлдөп кетти).

**ДРОЗД** *м.* дрозд (*чыйырчык сыяктуу куш*).

**ДРОК** *м. бот.* дрок (*буурчак сыяктуу өсүмдүктүн бир түрү*).

**ДРОМАДЕ'Р** *м. зоол.* нар.

**ДРО'ССЕЛЬ** *м.* дроссель (1. *эл. индуктивдик каршылыгы күчтүү жез сымдан жасалган катушка; бул — жалпы цепке кошулуп, алмашма токтун күчүн кемитет*; 2. *тех. суунун, буунун жана газдын трубопроводдорго өтүшүн жөнгө салып тура турган клапан*).

**ДРО'ТИК** *м. уст.* кыска найза (*ыргытылуучу курал*).

**ДРОФА'** *ж. зоол.* тоодак.

**ДРУГ** I *м.* 1. дос, жан жолдош, ынак; **друзья детства** бала кезден берки достор; **друг дома** 1) жакын ашына; 2) аялынын ойношу; 2. (*сторонник, защитник*) дос, жактоочу; **друг детей** балдардын досу; ◇ **будь другом** *разг.* кичи бейилдикке, кичи бейилдик кылып; **будь другом, сделай это за меня** кичи бейилдикке, мына муну мен үчүн иштей салчы; **старый друг лучше новых двух** *посл.* эски достун бирөө, жаңы достун экөөнөн артык (*эски дос эстен кетпейт, жаңы дос кадырга жетпейт*).

**ДРУГ** II: **друг другу** бири-бирине; **все мы остались довольны друг другом** биз бири-бирибизге ыраазы болдук; **друг за друга** бири-бири үчүн; **друг за другом** биринин артынын бири; **друг против друга** 1) (*лицом к лицу*) бетме-бет; 2) бирине-бири каршы; **друг о друге** бири-бири жөнүндө.

**ДРУГО'Й,** -ая, -ое 1. башка; **и тот и другой** тигил да, бул да (*экөө тең*); **один за другим** биринин артынан бири; 2. *в знач. сущ. м.* башка; **заботиться о других** башкалардын камын жеш; 3. *в знач. сущ. ср.* башка, бөтөн; **ему говоришь одно, а он делает другое** ага муну иште десең, ал башканы иштейт; ары жыгыл десең, бери жыгылат; ◇ **другими словами** башкача айтканда; **на другой день** эртең, эртесинде; **с другой стороны** башка жагынан.

**ДРУ'ЖБА** *ж.* достук, татуулук; **дружба народов** элдердин достугу; ◇ **не в службу, а в дружбу** *погов.* милдет үчүн эмес, достук үчүн.

**ДРУЖЕЛЮ'БИЕ** *ср.* достук, татуулук, ынактык, ачык чырайлык.

**ДРУЖЕЛЮ'БНЫЙ,** -ая, -ое досторчо, ынактарча, ачык чырай менен.

**ДРУ'ЖЕСКИ** *нареч.* достук кылып, жакындык менен.

**ДРУ'ЖЕСКИЙ,** -ая, -ое достук, татуулук, ынактык, жакындык; **дружеский привет** достук салам; ◇ **быть на дружеской ноге** достошуп жүрүү.

**ДРУ'ЖЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое достук; тату, дос, ылымы жакын; **дружественные державы** достук мамиледеги мамлекеттер.

**ДРУЖИ'НА** *ж.* 1. *ист.* дружина (*Байыркы Руста князь-феодалдын айланасындагылар жана княздын согуш күчүнүн туруктуу кадрлары болуп эсептелген аскерлери*); 2. *ист.* дружина (*революцияга чейинки Россияда — согуш убагында түзүлгөн мамлекеттик ополчениенин тактикалык единицасы*); **боевая дружина** куҗурмөн дружина (*куралданган жумушчулардын революциялык отряды*); 3. дружина; **пожарная дружина** өрт өчүрүүчү дружина.

**ДРУЖИ'ННИК** *м. ист.* дружиначы (*дружинага катышуучу; дружинанын мүчөсү*).

**ДРУЖИ'ТЬ** *несов. с кем* тату болуу, достошуу, ылым жакын болуу.

**ДРУЖИ'ЩЕ** *м. разг.* (*в обращении*) дос.

www.bizdin.kg

**ДРУ'ЖНО** *нареч.* 1. (*сплочённо*) ынтымактуу, татуу болуп; **жить дру́жно** ынтымактуу жашоо; 2. (*единодушно, разом*) текши, жапырт, чогуу; **дру́жно взя́ться за рабо́ту** ишке текши киришүү; **раз, два, дру́жно!** бир, эки, баарыңар!; ◇ **лёд прошёл дру́жно** муз чогуу агып өттү.

**ДРУ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. татуу, дос, ынак, ынтымактуу; **дру́жные де́ти** ынтымактуу балдар; 2. (*происходящий единовременно*) чогуу, жапырт, жапа тырмак, баары тең; **дру́жная рабо́та** жапырт жумуш; **дру́жный смех** жапа тырмак күлкү, дуу күлүү; ◇ **дру́жная весна́** жакшы келген жаз, жакшы чыккан жаз.

**ДРУЖО'К** *м. ласк. от* **друг** I дос.

**ДРЫ'ГАТЬ** *несов. чем, разг.* арбалаңдоо, тарбалаңдоо, тыбыратуу, тарбактоо; **не дры́гай нога́ми** бутуңду арбалаңдатпа.

**ДРЫ'ХНУТЬ** *несов. прост.* уктоо, башка чапкандай уктоо.

**ДРЯ'БЛОСТЬ** *ж.* былбырактык, көпшөктүк, борпоңдук.

**ДРЯ'БЛЫЙ,** -ая, -ое былбырак, көпшөк, борпоң; **дря́блая ко́жа** былбыраган тери.

**ДРЯ'ЗГИ** *только мн. разг.* уруш-кериш, кыжың-кужуң, ушак-айың.

**ДРЯННО'Й,** -а́я, -о́е *разг.* жараксыз, жаман, осол; **дрянно́й челове́к** жаман киши.

**ДРЯНЬ** *ж. разг.* 1. (*о вещах*) жараксыз, жаман нерсе, какыр-чикир, ыпыр-сыпыр; **вы́брось э́ту дрянь** мына бул ыпыр-сыпырды ыргытып жиберчи; 2. (*о человеке*) жаман, осол; ◇ **де́ло дрянь** *разг.* иш жаман, иштин мазасы жок.

**ДРЯХЛЕ'ТЬ** *несов.* картаюу, чөгүү.

**ДРЯ'ХЛОСТЬ** *ж.* карылыгы жеткендик, чөгүп калгандык.

**ДРЯ'ХЛЫЙ,** -ая, -ое 1. карылыгы жеткен; **дря́хлый стари́к** карылыгы жеткен абышка; 2. *перен.* эскирген, таң болгон, эскилиги жеткен, чалдыбары чыккан.

**ДУАЛИ'ЗМ** *м. филос.* дуализм (*дүйнөнүн негизи — бири-бирине байланышпаган эки башталыштан — дух менен материядан— түзүлгөн деп материализм менен идеализмди элдештирүүгө куру аракет кылган философиялык агым*).

**ДУАЛИ'СТ** *м.* дуалист (*дуалисттик көз караштагы жактоочу адам*).

**ДУАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое дуалисттик (*дуализмге негизделген*).

**ДУБ** *м.* дуб, эмен.

**ДУБИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *тех.*: **дуби́льный чан** ийлөө челеги; **дуби́льные вещества́** ийлөө заттары.

**ДУБИ'ЛЬНЯ** *ж. тех.* терини ийлей турган (өңдөй турган) жай.

**ДУБИ'ЛЬЩИК** *м.* тери ийлөөчү (өңдөөчү) адам.

**ДУБИ'НА** *ж.* 1. келтек, союл; 2. *перен. разг.* топос киши, мокок киши.

**ДУБИ'НКА** *ж.* келтек, союлча.

**ДУБИ'ТЕЛЬ** *м.* ийлөөчү зат.

**ДУБИ'ТЬ** *несов. что* ийлөө, малмага салуу, өңдөө.

**ДУБЛЕ'НИЕ** *ср.* ийлөө, өңдөө, малмага салуу.

**ДУБЛЁНЫЙ,** -ая, -ое ийленген, өңдөлгөн, малмага салынган; **дублёная ко́жа** ийленген тери, малмага салып ийленген тери; **дублёная шу́ба** ийленген териден тигилген тон.

**ДУБЛЁР** *м. театр.* дублёр (*тиешелүү убактарда негизги артисттин ордуна ойноочу артист*).

**ДУБЛЕ'Т** *м.* 1. дублет (*бир нерсенин экинчи экземпляры*); **дубле́т ру́кописи** кол жазманын дублети; 2. *охот.* дублет (*кош ооз мылтыктан эки окту катар чыгаруу*).

**ДУБЛИКА'Т** *м.* дубликат (*кандайдыр бир документтин экинчи, негизги экземплярындай күчү бар экземпляры*).

**ДУБЛИ'РОВАНИЕ** *ср.* дублировать кылуу, кайталоо.

**ДУБЛИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* 1. дублировать кылуу, кайталоо (*бир эле ишти эки жерде кайталап иштөө*); **э́тот актёр дубли́рует роль гла́вного геро́я** бул актёр башкы каармандын ролун дублировать кылат; 2. дубляж кылуу (*бир нерсенин копиясын жасоо; муз. бир тилде жасалган кинокартинаны башка бир тилде сүйлөтүп чыгаруу*).

**ДУБЛЯ'Ж** *м.* дубляж; *см.* **дубли́ровать** 2.

**ДУБНЯ'К** *м.* дуб токой, эмен токой.

**ДУБО'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. **дуб**-*га т.*; дубдуу, эмендүү; **дубо́вый лес** эмендүү токой; **дубо́вый стол** эмен стол; **дубо́вый лист** эмен жалбырагы; 2. *перен. разг.* (*грубый*) одоно, түшүнүгү кыйын, оор; **у него́ дубо́вый язы́к** анын тилин түшүнүү кыйын, анын тили оор; **дубо́вый стиль** одоно стиль.

**ДУБРА'ВА** *ж. поэт. уст.* дубдуу токой, эмендүү токой.

**ДУГА'** *ж.* 1. догоо; 2. *мат.* жаа (*тегерек сызыктын бир бөлүгү же жалпы эле ийри сызык*); ◇ **согну́ть в дугу́** аргасыз багындыруу, кыңк эттирбөө.

**ДУГООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое догоо сымал, догоо формасындагы.

**ДУДЕ'ТЬ** *несов. разг.* 1. (*играть на дудке*) чоор тартуу; 2. (*губами*) эрдин чормойтуп тыбыш чыгаруу.

**ДУ'ДКА** *ж.* чоор; ◇ **пляса́ть под** *чью-л.* **ду́дку** *бирөөнүн* дегени менен болуу.

**ДУ'ДКИ** *межд.* кой-ээ; мунуң ишке ашпайт.

**ДУ'ЖКА** *ж.* 1. тутка, кулак; **ведёрные ду́жки** чаканын кулагы; 2. (*в игре в крокет*) дужка (*крокет ойнунда сымдан жасалган тосмо*); 3. *анат.* дужка (*куштун төшүндөгү ача сөөк*).

**ДУ'ЛО** *ср.* ооз (*мылтыктын, замбиректин оозу*).

**ДУ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **дуло**-*го т.*; **ду́льная часть ору́дия** замбиректин ооз жагы.

**ДУ'МА** *ж.* 1. *поэт. уст.* ой, пикир; **ду́му ду́мать** ой ойлоо; 2. *ист.* дума (*падышалык Россияда — закон чыгаруу же административдик функциясы бар өкүлдүк жыйналыш; бул формалдык түрдө закон чыгарууга укуктуу болгону менен, иш жүзүндө падышалык өкмөттүн бийлигинде болгон*); **боя́рская ду́ма** боярлар думасы; **госуда́рственная ду́ма** мамлекеттик дума; 3. *лит.* дума (*Украина эл ырынын бир түрү; лирико-эпикалык поэманын бир түрү*).

**ДУ'МАТЬ** *несов.* 1. ойлоо; 2. (*намереваться*) -чы болуу; **когда́ вы ду́маете уе́хать?** сиз качан кетмекчи болосуз?; 3. (*заботиться*) кам жеш; **ду́май не то́лько о себе́, но и о други́х** өз башыңдын гана камын ойлобостон, башкалардын да камын жегин; ◇ **я ду́маю!** (*конечно*) албетте!; **и ду́мать не смей!** оюңа да алба!; **и не ду́маю** ойлоп да койгонум жок, башыма да келгени жок; **ты сли́шком мно́го о себе́ ду́маешь** сен өзүңдү өтө эле мыкты ойлойсуң; **не до́лго ду́мая** көп ойлобостон.

**ДУ'МАТЬСЯ** *несов. безл. кому, разг.* =дай болуп көрүнүү, ойго келүү, =ча болуу; **мне ду́мается, он сего́дня не придёт** менин оюмча ал бүгүн келбейт; **не ду́мается ли тебе́, что сего́дня пойдёт дождь?** бүгүн жамгыр жаайт деп ойлойсуңбу?

**ДУ'МКА** *ж.* (*подушечка*) кичине жастык, жастыкча.

**ДУ'МСКИЙ,** -ая, -ое **дума** 2-*ге т.*

**ДУНГА'НЕ** *мн.* дунгандар.

**ДУНГА'НИН** *м.* дунган.

**ДУНГА'НКА** *женск. р. к* **дунга́нин.**

**ДУНОВЕ'НИЕ** *ср.* желдөө, желаргы жүрүү; **дунове́ние ветерка́** желаргы согуу.

**ДУ'НУТЬ** *однокр. см.* **дуть.**

**ДУ'ПЕЛЬ** *м. зоол.* дупель (*саз кушунун бир түрү*).

**ДУПЛЕ'Т** *м.* дуплет (*бильярдда — бир шарды бири менен урганда, урулган шар кырга урунуп, кайта тоголонуп лузага түшүү*).

**ДУПЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое көңдөйлүү, көңдөйү бар; **дупли́стое де́рево** көңдөйлүү жыгач.

www.bizdin.kg

**ДУПЛО'** *ср. в разн. знач.* көңдөй (*бир нерсенин өзөгү чирүү аркасында пайда болгон көңдөй*); **дупло́ де́рева** жыгач көңдөйү; **дупло́ в зу́бе** тиштеги көңдөй.

**ДУ'РА** *женск. р. к* **дура́к**; акмак, келесоо (*аял, кыз жөнүндө*)

**ДУРА'К** *м.* акмак, келесоо; ◇ **дура́к дурако́м** *разг.* акмактын акмагы; **игра́ в дураки́** дөрөк оюну (*карта оюну*); **оста́вить в дурака́х** 1) (*в карточной игре*) дөрөк кылып калтыруу; 2) *перен.* акмак кылып кетүү, акмак кылуу; **оста́ться в дурака́х** акмак болуу, акмак болуп калуу; **нашёл дурака́** *разг* акмакты тапкан экенсиң; **валя́ть дурака́** *разг.* акмактын ишин кылуу; **дурака́м зако́н не пи́сан** *погов.* акмакка закон жок, акмак законду таанубайт, акмак закон менен эсептешпейт.

**ДУРАЛЕ'Й** *м. разг.* акмак, кеңкелес.

**ДУРА'НДА** *ж. с.-х.* күнжара.

**ДУРА'ЦКИЙ,** -ая, -ое *разг.* **дурак**-*ка т.*; акмактык; **дура́цкое положе́ние** акмактык абал; **что за дура́цкий смех!** бул эмне деген акмактык күлкү!

**ДУРА'ЧЕСТВО** *ср. разг.* акмакчылык; **брось свой дура́чества!** акмакчылыгыңды кой!

**ДУРА'ЧИТЬ** *несов. кого, разг.* акмак кылуу.

**ДУРА'ЧИТЬСЯ** *несов. разг.* акмактануу, калжаңдоо, былжыроо.

**ДУРАЧО'К** *м. уменьш. от* **дура́к** *разг.* акмак, келесоо, жинди; **прики́дываться дурачко́м** келесоо болумуш болуу.

**ДУРА'ШЛИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* келесоо чалыш, тентек чалыш.

**ДУ'РЕНЬ** *м. разг.* акмак, кеңкелес.

**ДУРИ'ТЬ** *несов. разг.* акмакчылык кылуу, кеңкелестенүү, жиндиленүү.

**ДУРМА'Н** *м.* 1. *бот.* дурман (*уу өсүмдүктүн бир түрү*); 2. *разг.* (*опьяняющее средство*) баш айланткыч, баңги кылгыч; 3. *перен.* (*обман*) зыяндуу, калп окуу; элдин башын айландыргыч (*мис. дин*).

**ДУРМА'НИТЬ** *несов. кого-что* башын айландыруу, баңги кылуу.

**ДУРНЕ'ТЬ** *несов.* көркү кете баштоо.

**ДУ'РНО** 1. *нареч.* жаман, өтө начар; **э́та вещь ду́рно сде́лана, ну́жно её переде́лать** бул нерсе жаман иштелген, кайта оңдош керек; **ма́льчик ду́рно себя́ ведёт** бала өзүн өгө начар алып жүрөт; 2. *безл. в знач. сказ.* эсеңгирөө, баш айлануу, көөнү айнуу, көөнү караңгылоо; **ему́ ста́ло ду́рно, и он упа́л** ал, башы айланып, жыгылып калды.

**ДУРНО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*плохой*) жаман, начар; **дурно́й за́пах** жаман жыт; **дурно́й челове́к** жаман киши; 2. (*некрасивый, противный*) кебетесиз, түрү жаман, өңү суук.

**ДУРНОТА'** *ж.* көөн айнуу, бир аз көңүл караңгылануу.

**ДУРНУ'ШКА** *ж. разг.* көрүксүз, сүйкүмсүз (*аял же кыз*).

**ДУ'РОЧКА** *ж. уменьш. от* **ду́ра** *разг.* акмак (*аял, кыз жөнүндө*).

**ДУРШЛА'Г** *м.* темир чыпка, кепкир.

**ДУРЬ** *ж. разг.* акмактык, жаман ой; **вы́кинь дурь из головы́** акмакчылыгыңды жогот.

**ДУ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **дуть** 3; 2. *прил.* (*полый, пустой*) көңдөй, үйлөнгөн; **ду́тые шары́** көңдөй шарлар; 3. *перен.* (*преувеличенный*) апыртма, ашырма; **ду́тые ци́фры** апыртма цифралар.

**ДУТЬ** *несов.* 1. (*напр. о ветре*) согуу (*жел*); 2. (*губами*) үйлөө; 3. *тех.* үйлөө, үйлөп идиш жасоо (*мис. бөтөлкө*); ◇ **он и в ус не ду́ет** *разг.* ал быш деп да койбойт.

**ДУТЬЁ** *ср. тех.* үйлөө, үйлөп идиш жасоо; **дутьё стекля́нной посу́ды** шише (айнек) идиштерди үйлөө (жасоо).

**ДУ'ТЬСЯ** *несов. разг.* буртуюу, тултуюу, таарынуу; **ты чего́ на меня́ ду́ешься?** сен мага эмне үчүн тултуясың?

**ДУХ** *м.* 1. *филос.* дух; 2. (*моральное состояние*) дух (*психикалык ийкем: ойлоо, акыл жүгүртүү*); көңүл, кайрат; **прису́тствие ду́ха** көңүлү көтөрүңкүлүк, өзүн өзү кармай билүүчүлүк; **он потеря́л прису́тствие ду́ха** ал калтаарып калды, эмне кыларын билбей шашып калды; **собра́ться с ду́хом** кайраттануу, кайратына келүү, бел байлоо; **в здоро́вом те́ле здоро́вый дух** *посл.* дени соонун жаны соо; 3. (*смысл, значение, соответствие*) дух (*мазмун; жараша*); **дух наро́да** элдин духу; **в ду́хе зако́на** закондун духуна жараша; **в ду́хе вре́мени** убагына ылайык; 4. *миф.* жин, пери, шайтан, периште, арбак; 5. *разг.* (*дыхание*) тыным, дем; **перевести́ дух** дем алуу; **одни́м (еди́ным) ду́хом** токтолбой, бирден; **я вы́пил ча́шку кумы́са еди́ным ду́хом** мен бир кесе кымызды токтолбой ичип жибердим; 6. *разг.* (*запах*) жыт, ◇ **не в ду́хе** көңүлсүз; **я сего́дня не в ду́хе** мен бүгүн көңүлсүзмүн; **дай мне дух перевести́** мен эс алайынчы; **во весь дух** жанынын барынча (*жүгүрүү, чуркоо*); **испусти́ть дух** жан берүү; **ни слу́ху ни ду́ху** кабар-атары жок, зымкыя кабарсыз.

**ДУХИ'** *только мн.* духи, атыр.

**ДУХОВЕ'НСТВО** *ср.* духовенство (*дин кызматчылары*).

**ДУХО'ВКА** *ж.* духовка (*нан, кургак тамак бышыруу үчүн ылайыкталып, ашкана плитасына жасалган каңылтыр куту*).

**ДУХО'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. духовный, акыл-ой (*психикалык ийкемге таандык; денеге карама-каршы*); **духо́вные интере́сы** акыл-ой мүдөөлөрү; **духо́вное бога́тство** акыл-ой байлыгы; **духо́вные запро́сы** духовный таламдар; 2. (*церковный*) диний; **духо́вное лицо́** дин адамы; **духо́вная семина́рия** духовная (диний) семинария; ◇ **духо́вное завеща́ние** өлөр алдында жазып калтырган осуят кагаз.

**ДУХОВО'Й** I, -а́я, -о́е *муз.* духовой, үйлөмө; **труба́, фле́йта — духовы́е инструме́нты** сурнай, флейта — духовой инструменттер; **духово́й орке́стр** духовой оркестр.

**ДУХОВО'Й** II, -а́я, -о́е кыздырма (*ысыган аба менен иштөөчү*); **духова́я печь** *см.* **духо́вка.**

**ДУХОТА'** *ж.* думукма, үп; **в тако́й духоте́ сиде́ть тру́дно** мындай думукмада (үптө) отуруу кыйын.

**ДУШ** *м.* душ (*жуунуу үчүн суу себээлеп агызгыч; мындай аспаптан жуунуу*); **горя́чий душ** ысык душ; **холо́дный душ** суук душ.

**ДУША'** *ж.* 1. жан; **от души́** *или* **от всей души́** жаны калбай; жан-дили менен; **все́ми си́лами души́** жанымын бардыгынча; **быть пре́данным душо́й и те́лом** жаны-дени менен берилүү, чын жүрөгү менен берилүү; 2. (*человек*) жан, киши, адам; **на у́лице ни души́** көчөдө бир да адам жок; **по ско́льку с души́?** *разг.* киши башынан канчадан?; **в семье́ пять душ** үй-бүлөдө беш жан бар; **на ду́шу населе́ния** элдеги ар бир кишиге; **до́брая душа́** боорукер адам; **челове́к с откры́той душо́й** ак көңүл киши; **ни́зкая душа́** арам ойлуу киши, арампөөш адам; 3. *ист.* жан (*крепостной дыйкан*); 4. *перен.* (*вдохновитель*) дем берүүчү, сыймык, сонун адам; **душа́ о́бщества** коомдун сонун кишиси; ◇ **в душе́** оюнда, ичинде; **в душе́ он его́ порица́л** ичинде ал аны жемеледи; **по душе́** жагуу, көңүлдөгүдөй; **твой но́вый знако́мый мне не по душе́** сенин жаңы таанышың мага (менин көөнүмө) жакпады; **по душа́м** *разг.* чын жүрөктөн, көңүлдөн; **мы побесе́довали по душа́м** биз чын жүрөктөн аңгемелештик; **жить душа́ в ду́шу** *разг.* эң ынак туруу, ынтымактуу жашоо; **душа́ не лежи́т** *разг.* көңүл тартпайт, көңүл чаппайт, көңүл келбейт; **ско́лько душе́ уго́дно** *разг.* тилегенче, каалаганча; **ку́шайте, ско́лько душе́ уго́дно** *разг.* каалаганча жеңиздер; **душа́ нараспа́шку** *разг.* ачык-айрым, ичинде арамы жок; **душа́ в пя́тки ушла́** *разг.* жан кулактын учуна чыкты; **влезть (зале́зть) в ду́шу** *разг.* 1) (*втереться в доверие*) ич-койнуна кирүү, өтө алынуу; 2) (*суметь выведать что-л.*) бирөөнүн ички сырын билип алуу; **криви́ть душо́й** анык сырын айтпоо, тайсалдап калп айтуу; **отвести́ ду́шу** чер жазуу; **души́ не ча́ять** *в ком-л. разг.* бирөөнү жакын

www.bizdin.kg

көрүү, жанындай көрүү; **в чём душа́ то́лько де́ржится** *разг.* араң эле жаны бар, сүлдөрү эле бар; **стоя́ть над душо́й** *разг.* ач кенедей асылуу, көкөйгө тийүү, жанын койбоо.

**ДУШЕВА́Я** *ж.* душ жасалган үй, душка түшүүчү үй.

**ДУШЕ́ВНО** *нареч.* жүрөктөн, чын көңүлдөн; **я душе́вно рад** чын жүрөктөн кубанам.

**ДУШЕВНОБОЛЬНО́Й,** -а́я, -о́е **1.** жин оорулуу (*мис. жинди*); **2.** *в знач. сущ. м., ж.* жин оорулуу.

**ДУШЕ́ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **душа** 1-*ге т.*; **душе́вное споко́йствие** көңүл тынчтыгы, жандын тынчтыгы; **2.** (*искренний*) эң жакын, чын көңүлдөн жакшы көргөн; **душе́вное отноше́ние** достук мамиле, жакын мамиле; ◇ **душе́вные боле́зни** мээсинен бузулган оорулар, жин оорулары, жандуу оорулар.

**ДУШЕГРЕ́ЙКА** *ж. уст.* аялдын жеңсиз жылуу чыптамасы.

**ДУШЕГУ́Б** *м. разг.* мыкачы, киши өлтүргүч.

**ДУШЕГУ́БКА** *ж.* (*лодка*) оюп жасалган, туруксуз, кичине кайык.

**ДУ́ШЕНЬКА** *ж. ласк.* жаным, айым.

**ДУШЕПРИКА́ЗЧИК** *м. юр.* осуятты орундоочу киши.

**ДУШЕРАЗДИРА́ЮЩИЙ,** -ая, -ее кызганычтуу, аянычтуу, жанга тие турган; **душераздира́ющий крик** аянычтуу бакырык.

**ДУ́ШЕЧКА** *ж. см.* **ду́шенька.**

**ДУШИ́СТЫЙ,** -ая, -ое жыттуу, жыты аңкыган, жыпар жыттанган; **души́стые цветы́** жыпар жыттуу гүлдөр; **души́стый горо́шек** *бот.* жыттуу буурчак (*боб өсүмдүктүн бир түрү*).

**ДУШИ́ТЕЛЬ** *м.* куугунтукгоочу, кысуучу, басуучу, курутуучу, муундуруучу, түпкө жетүүчү.

**ДУШИ́ТЬ** I *несов.* **1.** *кого* (*за горло*) муунтуу; **2.** *кого* (*стеснять дыхание*) кыйкылдатуу, демин кыстыктыруу; **меня́ ду́шит ка́шель** жөтөл менин демимди кыстыктырды; **3.** *кого-что, перен.* (*угнетать*) эзүү, кысуу, басуу; ◇ **души́ть в объя́тиях** сыга кучактоо, көпкө чейин кыса кучактоо.

**ДУШИ́ТЬ** II *несов. кого-что* (*духами*) атыр себүү, атыр куюу.

**ДУШИ́ТЬСЯ** *несов.* атыр себинүү, атыр куюнуу.

**ДУ́ШНО** *безл. в знач. сказ. кому* кыстыктырып; **ему́ ста́ло ду́шно** анын деми кыстыгып турат.

**ДУ́ШНЫЙ,** -ая, -ое тумчуктурган, дем кыстыктырган, капа; **ду́шный во́здух** тумчуктурган аба; **ду́шное помеще́ние** капа үй.

**ДУШО́К** *м. разг.* сасык жыт, борсуган жыт, сасык; **мя́со с душко́м** сасыгы бар эт; ◇ **неприя́тный душо́к** арам ою бар, кылтыймасы бар.

**ДУШО́НКА** *ж.*: **по́длая душо́нка** *разг. пренебр.* арам ойлуу, чирик ойлуу.

**ДУЭ́ЛЬ** *ж. уст.* дуэль (*белгилүү эреже боюнча, эки кишинин бирме-бир чыгып атышуусу же кылычташы; намыс жана аны коргоо жөнүндөгү феодалдык көз караштын саркынды калдыгы*); **вы́звать на дуэ́ль** дуэлге чакыруу; **дра́ться на дуэ́ли** дуэлде атышуу, дуэлде кылычташуу.

**ДУЭЛЯ́НТ** *м. уст.* дуэлянт (*дуэлге катышуучу, дуэлге чыгуучу*).

**ДУЭ́Т** *м. муз.* дуэт (*эки үн же эки музыкалык аспапка арналган чыгарма*); **петь дуэ́т** дуэт ырдоо; **дуэ́т скри́пки и фортепья́но** скрипка менен фортепьяно дуэти.

**ду́ю, ду́ешь** *и т. д. наст. вр. от* **дуть.**

**ду́юсь, ду́ешься** *и т. д. наст. вр. от* **ду́ться.**

**ДЫ́БА** *ж. ист.* дыба (*илгерки заманда — жазаланган, кыйнаган кишини кергич аспап*).

**ДЫ́БОМ** *нареч.* тикесинен, типтик; **у него́ во́лосы вста́ли ды́бом от и пу́га** корккондугунан анын төбө чачы типтик болуп кетти.

**ДЫБЫ́**: **встать на дыбы́** 1) (*о лошади*) эки аягы менен тик туруу; 2) *перен.* тил албоо, моюн толгоо, каршыгуу, карышуу.

**ДЫ́ЛДА** *м. и ж.* кеби-сыны жок узун адам, солдогой, далдагай.

**ДЫМ** *м.* түтүн; ◇ **дым коромы́слом** *разг.* уу-чуу, ызы-чуу, кыжы-кужу, чак-челекей; баш аламан; **нет ды́ма без огня́** *погов.* гөгүн жерден өрт чыкпайт; жел болбой, чөптүн башы кыймылдабайт.

**ДЫМИ́ТЬ** *несов.* түтөө, түтөтүү; **печь дыми́т** меш түтөп атат.

**ДЫМИ́ТЬСЯ** *несов.* түтөө, түтүн чыгаруу; ◇ **тума́н дыми́тся над реко́й** дарыянын үстүндө туман буулаиат.

**ДЫ́МКА** *ж.* мунарык, тунарык.

**ДЫ́МНЫЙ,** -ая, -ое түтүндүү; **ды́мная ко́мната** түтүн толгон үй; **ды́мный по́рох** кара дары (*мылтык дарысы*).

**ДЫМОВО́Й,** -а́я, -о́е **1.** **дым**-*га т.*; **дымова́я ма́ска** түтүнгө каршы маска (*пожарниктерде*); **2.** *воен.* түтөмө; **дымово́й снаря́д** түтөмө снаряд; **дымова́я заве́са** 1) түтүн көшөгө; 2) *перен.* алдама, көз боёмо чара.

**ДЫМОГА́РНЫЙ,** -ая, -ое от өткүч; **дымога́рная труба́** от өткүч труба (*буу казанынын ичиндеги жалын өткүч түтүк*).

**ДЫМО́К** *м. уменьш. от* **дым** кичине түтүн, жүлүндөй түтүн.

**ДЫМОХО́Д** *м.* түтүн чыккыч, түтүн өткүч, мор.

**ДЫ́МЧАТЫЙ,** -ая, -ое көгүлдүр, бозомук (*түтүн сыяктуу түс*).

**ДЫ́ННЫЙ,** -ая, -ое **дыня**-*га т.*; **ды́нное варе́нье** коон вареньеси.

**ДЫ́НЯ** *ж.* коон.

**ДЫРА́** *ж.* **1.** тешик, жыртык, жарык; **дыра́ в чулке́** байпактагы тешик; **дыра́ в забо́ре** дубалдагы жарык; **2.** *перен. разг.* (*захолустье*) түнт жер, түпкүр; **жить в дыре́** түпкүрдө жашоо.

**ДЫ́РКА** *ж. см.* **дыра́** 1.

**ДЫРЯ́ВЫЙ,** -ая, -ое тешиктүү, жыртыктуу; ◇ **дыря́вая голова́** *или* **дыря́вая па́мять** *разг.* унутчаак.

**ДЫХА́НИЕ** *ср.* дем алуу, дем тартуу.

**ДЫХА́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **дыхание**-*ге т.*; **дыха́тельное го́рло** кекиртек.

**ДЫША́ТЬ** *несов.* дем алуу, дем тартуу, аба жутуу; ◇ **он е́ле ды́шит** *или* **он на ла́дан ды́шит** *разг.* ымжан жаны калды; оозуна суу тамыздырып калды.

**ДЫША́ТЬСЯ** *несов. безл. кому* дем алуу; **в лесу́ легко́ ды́шится** токойдо киши жеңил дем алат.

**ДЫ́ШЛО** *ср.* дышло (*кош ат чегилүүчү арабанын алдыңкы огуна бекитилген узун жыгач*).

**ДЬЯ́ВОЛ** *м.* шайтан, азезил.

**ДЬЯ́ВОЛЬСКИ** *нареч. разг.* өтө эле, эң эле, аябаган; **э́то дья́вольски тру́дно сде́лать** муну иштөө эң эле кыйын.

**ДЬЯ́ВОЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **1.** **дьявол**-*го т.*; **2.** *перен.* (*безжалостный, жестокий*) кара ниет, кара мүртөз; **3.** *разг.* өтө эле, эң эле, кыйын, какшаган, аябаган; **стоя́ли дья́вольские моро́зы** какшаган ызгаарлар болуп турду.

**ДЬЯК** *м. ист.* дьяк (*Байыркы Руста — бир мекеменин катчылык милдетин аткаруучу чиновник*).

**ДЬЯ́КОН** *м. церк.* дьякон (*православный чиркөөсүндө — эң кичи наам; өзүнчө намаз окутууга укугу жок дин кызматчысы*).

**ДЬЯЧО́К** *м. церк.* дьячок (*православный чиркөөсүндө — эч наамы жок дин кызматчысы*).

**ДЮ́ЖИЙ,** -ая, -ее *разг.* мыкты, москоол, балбан; **дю́жий па́рень** москоол жигит.

**ДЮ́ЖИНА** *ж.* дюжина (*он эки*).

**ДЮ́ЖИННЫЙ,** -ая, -ое кадимки, кадыресе, ортозаар.

**ДЮЙМ** *м.* дюйм (*жыйырма үч миллиметрге барабар узундук өлчөөсү*).

**ДЮЙМО́ВЫЙ,** -ая, -ое **дюйм**-*ге т.*

www.bizdin.kg

**ДЮ'НЫ** *мн.* (*ед.* **дюна** *ж.*) дюна, дөбө (*суунун, деңиздин жээгиндеги көчмө кум дөбөлөр*).

**ДЮРАЛЮМИ'НИЕВЫЙ,** -ая, -ое **дюралюминий**-*ге т.*

**ДЮРАЛЮМИ'НИЙ** *м. хим., тех.* дюралюминий (*марганец менен жез катыштырылган калайдын катуу эритиндиси*).

**ДЮШЕ'С** *м. бот.* дюшес (*алмуруттун сүйрү жана таттуу бир нече сортторунун аты*).

**ДЯ'ГИЛЬ** *м. бот.* кеме чайыр.

**ДЯ'ДЕНЬКА** *м. разг.* (*при обращении*) агай, аке, ага (*көбүнчө бейтааныш кишиге карата айтылат*).

**ДЯ'ДЬКА** *м.* **1.** *разг. см.* **дядя**; **2.** *ист.* дядька (*дворяндарда — эркек баланы карооочу тарбиячы*).

**ДЯ'ДЮШКА** *м. разг. ласк. см.* **дядя**.

**ДЯ'ДЯ** *м.* **1.** тай аке (*ата, эненин агасы же иниси же тай эженин эри*); **2.** *разг.* (*при обращении*) байке, ага, аке (*орто жаштагы эркекке карата айтылат*).

**ДЯ'ТЕЛ** *м.* тоңкулдак, кызыл ыштан.

# Е

**ЕВА'НГЕЛИЕ** *ср. рел.* инжил (*христиандардын диний китеби*).

**Е'ВНУХ** *м.* евнух (*гаремде кызмат кылуучу бычылган кызматчы*).

**ЕВРЕ'И** *мн.* еврейлер.

**ЕВРЕ'Й** *м.* еврей.

**ЕВРЕ'ЙКА** *женск. р. к* **еврей**; еврейка.

**ЕВРЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **еврей**-*ге т.*; **еврейский язык** еврей тили.

**ЕВРОПЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Европа**-*га т.*; европалык; **европейский континент** Европа континенти.

**ЕВРОПЕ'ЙЦЫ** *мн.* европалыктар.

**ЕВСТА'ХИЕВ,** -а, -о: **евстахиева труба** *анат.* евстахий түтүгү (*орто кулак менен тамакты кошо турган түтүк*).

**Е'ГЕРСКИЙ,** -ая, -ое **егерь**-*ге т.*

**Е'ГЕРЬ** *м.* егерь (**1.** *машке, тайганды үйрөтүүчү, аңдын кайда экенин аңчыларга көрсөтүп берүүчү адам*; **2.** *ист. бөтөнчө аткыч бөлүктөрдүн солдаты*).

**ЕГИ'ПЕТСКИЙ,** -ая, -ое **Египет**-*ке т.*; египеттик; **египетский хлопок** Египет пахтасы.

**ЕГИПТО'ЛОГ** *м.* египтолог (*Байыркы Египетти изилдөөчү специалист*).

**ЕГИПТЯ'НЕ** *мн.* египтяниндер, египеттиктер.

**ЕГИПТЯ'НИН** *м.* египтянин, египеттик.

**ЕГИПТЯ'НКА** *женск. р. к* **египтянин**; египтянка.

**ЕГО'** *мест.* **1.** *личн. род. и вин. п. от* **он, оно** аны, ал; **я его видел** мен аны көрдүм; **его нет дома** ал үйдө жок; **2.** *притяж.* анын, аныкы; **его дом** анын үйү; **по его мнению** анын пикири боюнча.

**ЕГОЗА'** *м. и ж.* ыгы жок шашкалак, бир жерде тура албаган адам.

**ЕГОЗИ'ТЬ** *несов. разг.* ыгы жок шашкалактоо.

**ЕДА'** *ж.* **1.** (*пища*) тамак, аш; **2.** (*процесс еды*) тамак жеш, тамактануу; **перед едой надо мыть руки** тамак жештин алдында кол жууш керек.

**ЕДВА'** **1.** *нареч.* (*с трудом, насилу*) араң, зорго, араң дегенде; **я едва дошёл до дому** мен үйгө араң жеттим; **2.** *нареч.* (*чуть*) аз эле, аз эле жерден, араң эле; **я едва не упал** мен жыгылганы аз калдым; **едва жив** араң эле жаны бар; **3.** *нареч.* (*очень мало, очень слабо*) эң аз, эң начар; **едва освещённая комната** ичине жарык эң аз түшкөн бөлмө; **4.** *союз* (*лишь только*) менен; **едва он вошёл, как все замолчали** ал кирип келери менен, баары тең унчукпай калышты; ◇ **едва ли удастся нам получить билеты** биз билет аларыбызды кудай билет; **едва ли не...** ...катарында, ...жакын; **он считался едва ли не лучшим танцором** ал танцорлордун мыктысы катарында саналган; **едва-едва** араң-араң эле; **вода едва-едва течёт из крана** суу чоргодон араң-араң эле агып жатат.

**едем, едете** *и т. д. наст. вр. от* **ехать**.

**едим, едите** *и т. д. наст. вр. от* **есть** I.

**ЕДИНЕ'НИЕ** *ср.* биригишүү, биригүү, биргелешүү; **единение масс в борьбе за мир** тынчтык үчүн болгон күрөштө массанын биригиши.

**ЕДИНИ'ЦА** *ж.* **1.** (*цифра*) единица, бирдик (*бирди билдирүүчү цифра*); **2.** (*школьная отметка*) бир, единица (*мектептеги эң төмөнкү баа*); **3.** (*для измерения*) единица (*бир түрдүү чоңдуктарды бир-бири менен салыштырып өлчөгөндө колдонула турган чоңдук*); **денежная единица** акча единицасы; **единица веса** салмактын единицасы; **4.** (*самостоятельная часть в целом*) единица (*бүтүндүн бир бөлүгү*); **хозяйственная единица** чарбалык единица; **5. единицы** *мн.* (*немногие*) бирди-жарым, анча-мынча, бирин-серин.

**ЕДИНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое айрым, бирин-серин, айрым учурай турган; **единичный случай** айрым учурда учурай турган, анда-санда учурай турган.

**ЕДИНОБО'РСТВО** *ср.* жекме-жеке, жекеме-жеке, бирме-бирге (*согушуу, урушуу*).

**ЕДИНОБРА'ЧИЕ** *ср.* бир никелүүлүк (*аялдын бир эр менен же эркектин бир аял менен турушу*).

**ЕДИНОБРА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **единобрачие**-*ге т.*

**ЕДИНОВЛА'СТИЕ** *ср.* жалгыз бийлик, жеке бийлик.

**ЕДИНОВЛА'СТНЫЙ,** -ая, -ое жалгыз бийлөөчү, жеке бийлөөчү.

**ЕДИНОВРЕ'МЕННО** *нареч.* бир жолу, бир гана жолу.

**ЕДИНОВРЕ'МЕННЫЙ,** -ая, -ое бир жолу бериле турган, бир гана жолу; **единовременное пособие** бир жолу берилүүчү акчалай жардам.

**ЕДИНОГЛА'СИЕ** *ср.* бир добуштуулук, бир пикирдүүлүк, бир ооздуулук.

**ЕДИНОГЛА'СНО** *нареч.* бир добуштан, бир ооздон; **резолюция была принята единогласно** резолюция бир добуштан кабыл алынды.

**ЕДИНОГЛА'СНЫЙ,** -ая, -ое бир добуштан, бир ооздон; **единогласное решение** бир добуштан кабыл алынган чечим.

**ЕДИНОДУ'ШИЕ** *ср.* бир пикирдүүлүк, ынтымактуулук.

**ЕДИНОДУ'ШНО** *нареч.* ынтымактуулук менен; **единодушно согласиться** ынтымактуулук менен макул болуу, толук макул болуу.

**ЕДИНОДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое бир пикирдүү, ынтымактуу.

**ЕДИ'НОЖДЫ** *нареч. уст.* бир жолу; **единожды пять — пять** бир жолу беш — беш.

**ЕДИНОКРО'ВНЫЙ,** -ая, -ое аталаш (*атасы бир, энеси башка*); **единокровные братья** аталаш бир туугандар.

**ЕДИНОЛИ'ЧНИК** *м.* жеке дыйкан, жеке чарба.

**ЕДИНОЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жеке; **единоличное крестьянское хозяйство** жеке дыйкан чарбасы; **2.** (*осуществляемый одним лицом*) жеке өзү, өзү гана; **единоличное решение вопроса** маселени жеке өзү чечүү.

**ЕДИНОМЫ'СЛИЕ** *ср.* пикирдештик, сырдаштык.

**ЕДИНОМЫ'ШЛЕННИК** *м.* **1.** пикирдеш, сырдаш; **2.** (*сообщник*) катышуучу, бирге иштешкен.

**ЕДИНОНАЧА'ЛИЕ** *ср.* единоначалие, бир башчылык.

**ЕДИНООБРА'ЗИЕ** *ср.* бир түрдүүлүк, түрдөштүк, түстөштүк, бир ыңтайлуулук.

www.bizdin.kg

**ЕДИНООБРА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое бир түрдүү, түрдөш, түстөш, бир ыңтай; **единообра́зные фо́рмы учёта** учёттун бир түрдүү формада болушу.

**ЕДИНОРО'Г** *м. зоол.* единорог (*тумшугунда мүйүз сыяктуу бир тиши бар деңиз айбаны*).

**ЕДИНОУТРО'БНЫЙ**, -ая, -ое жатындаш, уялаш; **единоутро́бные бра́тья** уялаш бир туугандар.

**ЕДИ'НСТВЕННО** 1. *нареч.* (*только один*) жалгыз гана, бир гана, бирден-бир; **еди́нственно досту́пный спо́соб** бирден-бир мүмкүн болгон жол; 2. *в знач. частицы* (*только*) жалаң гана, жалгыз гана; **он говори́л еди́нственно зате́м, что́бы оправда́ться** ал жалаң гана өзүн актоо үчүн сүйлөдү.

**ЕДИ'НСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. (*только один*) жалгыз, бирден-бир, жападан-жалгыз, сыңар; **еди́нственный ребёнок** жалгыз бала; **оста́лся еди́нственный вы́ход** бир гана жол калды; 2. (*исключительный*) сонун, теңдеши жок; **он еди́нственный в своём ро́де** ал өзүнчө бир сонун нерсе; ◇ **еди́нственное число́** *грам.* жекелик сан.

**ЕДИ'НСТВО** *ср.* 1. (*общность*) бирдейлик; **еди́нство интере́сов** таламдардын бирдейлиги; 2. (*сплочённость*) бирдик; **мора́льно-полити́ческое еди́нство сове́тского наро́да** совет элинин моралдык-саясий бирдиги; 3. (*неразрывность*) бирдиктүүлүк, ынтымактуулук, бирдик; **еди́нство тео́рии и пра́ктики** теория менен практиканын бирдиктүүлүгү.

**ЕДИ'НЫЙ**, -ая, -ое 1. (*общий, объединённый*) биримдик, жалпы, жалпыга бирдей, бириккен; **еди́ные госуда́рственные це́ны** мамлекеттик жалпы баа; **еди́ный хозя́йственный план** чарбачылык биримдик план; **еди́ный план де́йствия** аракет кылуунун биримдик планы; 2. (*сплочённый*) бир, бирдиктүү; **еди́ным фро́нтом** бирдиктүү фронт менен; 3. (*один*) бир; **все до еди́ного** бири калбай; **еди́ное це́лое** бир бүтүн; ◇ **еди́ный биле́т** биримдик билет (*шаардык транспорттун кайсынысы — метро, автобус, трамвай ж. б.— менен болсо да жүрүүгө укук бере турган билет*).

**Е'ДКИЙ**, -ая, -ое 1. (*разъедающий*) жегич, ачыштыргыч, курч; **е́дкая кислота́** жегич кислота; **е́дкий дым** ачыштыргыч түтүн; 2. *перен.* куйдүрмө, чучукка тийген; **е́дкая насме́шка** чучукка тийген шылдың.

**Е'ДКО** *нареч.* куйдүрүп; **е́дко усмехну́ться** куйдүрүп күлүү.

**Е'ДКОСТЬ** *ж.* 1. жегичтик, ачыштыргычтык; **е́дкость ды́ма** түтүндүн ачыштыргычтыгы; 2. *перен.* куйдүрмөлүк, **е́дкость насме́шки** шылдыңдын куйдүрмөлүгү.

**ЕДО'К** *м.* 1. (*член семьи*) киши, баш; **семья́ из трёх едоко́в** үч кишиси бар үй-бүлө; 2. *разг.* (*любитель поесть*) тамак жакка жакын киши.

**еду́, е́дешь** *и т. д. наст. вр. от* **е́хать.**

**ЕЁ** *мест.* 1. *личн. род. и вин. п. от* **она́** аны; **ты ви́дел её?** сен аны көрдүңбү?; 2. *притяж.* анын, аныкы; **её ребёнок** анын баласы; **её кни́ги** анын китептери.

**ЁЖ** *м.* кирпи, кирпи чечен.

**ЕЖЕ**- *татаал сөздөрдүн «кайталай турган» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.:* **ежесеку́ндный** секунда сайын; **ежеми́нутный** минута сайын; **ежеме́сячный** ар ай сайын.

**ЕЖЕВИ'КА** *ж. бот.* кара бүлдүркөн, маймылжан.

**ЕЖЕВИ'ЧНИК** *м.* кара бүлдүркөн өсүмдүгү калың өскөн жер.

**ЕЖЕВИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **ежевика**-*га т.*; **ежеви́чный куст** кара бүлдүркөндүн бир түбү; **ежеви́чное варе́нье** кара бүлдүркөн вареньеси.

**ЕЖЕГО'ДНИК** *м.* жылдык (*жылына бир жолу басылып чыга турган журнал же жыйнак*).

**ЕЖЕГО'ДНО** *нареч.* жыл сайын, ар жылы.

**ЕЖЕГО'ДНЫЙ**, -ая, -ое жылда, ар жылы, жыл сайын.

**ЕЖЕДНЕ'ВНО** *нареч.* ар күнү, күндөлүк.

**ЕЖЕДНЕ'ВНЫЙ**, -ая, -ое күн сайын боло турган, күндөлүк, ар күнү боло турган; **ежедне́вная газе́та** күндөлүк газета.

**ЕЖЕКВАРТА'ЛЬНО** *нареч.* квартал сайын, ар бир кварталда.

**Е'ЖЕЛИ** *союз. уст.* эгер, эгерде; *см.* **е́сли.**

**ЕЖЕМЕ'СЯЧНИК** *м.* айлык (*айына бир жолу чыга турган журнал*).

**ЕЖЕМЕ'СЯЧНО** *нареч.* ай сайын, ар айда; **журна́л выхо́дит ежеме́сячно** журнал ай сайын чыгып турат.

**ЕЖЕМЕ'СЯЧНЫЙ**, -ая, -ое ай сайын, айында бир.

**ЕЖЕМИНУ'ТНО** *нареч.* ар минутада, минута сайын.

**ЕЖЕМИНУ'ТНЫЙ**, -ая, -ое ар минутада, минута сайын.

**ЕЖЕНЕДЕ'ЛЬНИК** *м.* жумалык, апталык (*жума сайын чыгуучу журнал*).

**ЕЖЕНЕДЕ'ЛЬНО** *нареч.* ар жумада бир, жума сайын, апта сайын.

**ЕЖЕНЕДЕ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жума сайын, апта сайын, жумасына бир боло турган.

**ЕЖЕСЕКУ'НДНО** *нареч.* секунда сайын, ар секундада.

**ЕЖЕСЕКУ'НДНЫЙ**, -ая, -ое секунда сайын боло турган.

**ЕЖЕСУ'ТОЧНО** *нареч.* сутка сайын.

**ЕЖЕСУ'ТОЧНЫЙ**, -ая, -ое сутка сайын боло турган.

**ЕЖЕЧА'СНО** *нареч.* ар саатта, саат сайын.

**ЕЖЕЧА'СНЫЙ**, -ая, -ое саат сайын, ар саатта, ар саатта бир боло турган.

**Ё'ЖИТЬСЯ** *несов.* бүрүшүү, куушурулуу; **ёжиться от хо́лода** сууктан бүрүшүү.

**ЕЖИ'ХА** *ж.* ургаачы кирпи, кирпи чечендин ургаачысы.

**ЕЖО'ВЫЙ**, -ая, -ое **ёж**-*го т.*; ◇ **держа́ть** *кого-л.* **в ежо́вых рукави́цах** *погов.* биреөнү тыре эттирбей катуу кармоо, катаалдык менен тутуу.

**ЕЗДА'** *ж.* жүрүү (*бир нерсеге минип, түшүп, отуруп жүрүү*); **верхова́я езда́** атчан жүрүү; **езда́ на автомоби́ле** автомобилде жүрүү; **в трёх часа́х езды́ от го́рода** шаардан үч сааттык жол; **до́лгая езда́ утоми́тельна** узак жол жүрүү чарчатат.

**Е'ЗДИТЬ** *несов.* жүрүү (*бир нерсеге минип, түшүп же отуруп жүрүү*); **е́здить верхо́м** атчан жүрүү; **он ка́ждый день е́здит на трамва́е** ал күндө трамвайга түшүп жүрөт.

**ЕЗДОВО'Й**, -а́я, -о́е 1. (*употребляемый для езды*) чегилүүчү, минилүүчү, мингич; **ездова́я ло́шадь** мингич ат; **ездовы́е соба́ки** чанага чегилүүчү иттер (*мис. Сибирде*); 2. *в знач. сущ. м. воен.* ездовой (*артиллерияда араба айдоочу солдат*).

**ЕЗДО'К** *м.* атчан.

**Е'ЗЖЕНЫЙ**, -ая, -ое (*о дороге*) жүрүлгөн, көп жүрүлгөн, тапталган.

**е́зжу, е́здишь** *и т. д. наст. вр. от* **е́здить.**

**ЕЙ** *мест. личн. дат. и твор. п. от* **она́** ага; **ей ещё мно́го на́до учи́ться** ага дагы көп окуш керек.

**ЕЙ-БО'ГУ** *межд. разг.* кудай урсун, кудай акы; **ей-бо́гу, дал бы** (*если бы у меня было*) буюрбасын.

**ЕЙ-ЕЙ** *межд. разг.* кудай акы.

**Ё'КАТЬ** *несов.* түк-түк этүү.

**Ё'КНУТЬ** *однокр.*: **се́рдце ёкнуло** *разг.* жүрөк болк этти.

**Е'ЛЕ** *нареч.* 1. (*едва, чуть, только-только*) араң эле, жаңыдан эле; **е́ле жив** араң эле жаны бар; 2. (*насилу, с трудом*) араңдан-зорго, араң эле; **я е́ле смог подня́ть я́щик** ящикти мен араң эле көтөрдүм; **е́ле-е́ле** араңдан зорго; **е́ле-е́ле добра́лся до́ дому** өлгөн-талганда үйгө араң жеттим; ◇ **е́ле-е́ле душа́ в те́ле** *погов.* араң эле жаны бар.

**ЕЛЕ'Й** *м. церк.* елей (*олива майы; бул чиркөөдө колдонулат*).

**ЕЛЕ'ЙНЫЙ**, -ая, -ое 1. **елей**-*ге т.*; 2. *перен.* кошөкөрлөнгөн; **еле́йный го́лос** кошөкөрлөнгөн үн.

www.bizdin.kg

**ЕЛИ'КО** *нареч.*: **елико возможно** *уст.* мүмкүн болушунча, күчтүн жетишинче.

**ЁЛКА** *ж.* 1. *см.* **ель**; 2. ёлка; **новогодняя ёлка** жаңы жыл ёлкасы.

**ЕЛО'ВЫЙ**, -ая, -ое **ель**-*ге т.*; **еловый лес** карагай токой.

**ЁЛОЧКА** *ж.* 1. *уменьш.-ласк. от* **ель** кичинекей карагай; 2. (*род вышивки*) карагай бутактантып сайылган саймамын бир түрү.

**ЁЛОЧНЫЙ**, -ая, -ое **ёлка**-*га т.*; **ёлочные украшения** ёлка жасалгалары.

**ЕЛЬ** *ж.* карагай.

**Е'ЛЬНИК** *м.* 1. (*еловый лес*) карагайлуу токой; 2. (*ветви ели*) карагай бутагы, чегедек.

**ем** *наст. вр. от* **есть** I.

**ЁМКИЙ**, -ая, -ое ичтүү; **ёмкая чашка** ичтүү чыны.

**ЁМКОСТЬ** *ж.* ич, сыйдыргычтык, сыйымдуулук; **меры ёмкости** суюктук жана чубурма заттардын чендери (*литр, кубический метр ж. б.*); **ёмкость рынка** *эк.* рыноктун сыйдыргычтыгы.

**ЕМУ'** *мест. личн. дат. п. от* **он, оно** ага; **дайте ему** ага бериңиз.

**ЕНО'Т** *м.* 1. (*животное*) енот (*сары күрөң түстөгү токой жаныбары*); 2. (*мех*) енот, еноттун териси; **воротник из енота** енот жака.

**ЕНО'ТОВЫЙ**, -ая, -ое **енот**-*ко т.*; **енотовая шуба** енот ичик.

**ЕПА'РХИЯ** *ж. церк.* епархия (*архиерей башкара турган чиркөөлүк округ*).

**ЕПИ'СКОП** *м. церк.* епископ (*христиан попторунун чоңу, башчысы*).

**ЕРАЛА'Ш** *м. разг.* былыккан, аралаш, баш аламан, тартипсиз.

**ЕРЕПЕ'НИТЬСЯ** *несов. разг.* керденүү, тескериленүү, кежирленүү.

**Е'РЕСЬ** *ж.* 1. *рел.* ересь (*үстөмдүк кылып турган динге каршы келген диний окуу*); 2. *перен. разг.* (*чепуха*) тантыроо, сандырак; **что за ересь он несёт!** ал эмне деп тантырап жатат!

**ЕРЕТИ'К** *м. уст.* еретик (*ерестин жолун жолдоочу адам*).

**ЕРЕТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое ерестик, ересь салдары бар.

**ЁРЗАТЬ** *несов. разг.* ойдолоо; ойдолоп отуруу.

**ЕРМО'ЛКА** *ж.* топу.

**ЕРО'ШИТЬ** *несов. что, разг.* үрпөйтүү, уйпалоо, түктүйтүү.

**ЕРО'ШИТЬСЯ** *несов. разг.* үрпөйүү, уйпалануу, түктүйүү.

**ЕРУНДА'** *ж. разг.* 1. (*чепуха*) сандырак, жок-бар нерсе; **он говорит ерунду** ал кайдагы сандыракты сүйлөйт; 2. (*пустяк*) оңой; **это для меня сущая ерунда** бул мен үчүн эң эле оңой нерсе.

**ЕРУНДИ'ТЬ** *несов. разг.* маанисиз сүйлөө, былжыроо, былжыраган иш кылуу.

**ЕРУНДО'ВЫЙ**, -ая, -ое *разг.* былжыраган, арзыбаган, болор-болбос.

**ЁРШ** *м.* 1. ёрш (*балыктын бир түрү*); 2. (*щётка*) лампанын шишесин тазалагыч щётка.

**ЕРШИ'СТЫЙ**, -ая, -ое *разг.* 1. (*о волосах*) үрпөйгөн, тикийип турган; 2. *перен.* (*задорный*) үтүрөңдөмө, тикиреңдеме.

**ЕРШО'М** *нареч. разг.* (*о волосах*) тикийип турган.

**ЕСАУ'Л** *м. ист.* жасоол (*падышалык Россияда — казак орустун офицердик чини*).

**Е'СЛИ** *союз* эгер, эгерде, -са, -дан кийин; **если бы он знал, он этого не сделал бы** эгерде ал билген болсо, мындай кылбайт эле; **если я прошу, то, значит, это необходимо** мен сурап жаткандан кийин, бул зарыл нерсе; **если он пойдёт в город, я тоже пойду** эгерде ал шаарга барса, мен да барамын; **если ехать, так ехать** жүрө турган болсо, жүрүш керек; ◇ **если бы да кабы** *разг. шутл.* эгерде... болчу болсо (-м, -ц *ж. б.*).

**ест** *наст. вр. от* **есть** I.

**ЕСТЕ'СТВЕННИК** *м.* табиятчы (*табият илимдери жагынан специалист*).

**ЕСТЕ'СТВЕННО** 1. *нареч.* табигый нерсе; **это получилось у него вполне естественно** анын мунусу толук табигый нерсе болуп чыкты; 2. *вводн. сл.* (*конечно*) албетте; **он, естественно, должен был выполнить приказ** ал, албетте, приказды аткарууга тийиш эле; **естественно, он согласился** албетте, ал макул болду.

**ЕСТЕ'СТВЕННОСТЬ** *ж.* табигыйлык, кадимкилик.

**ЕСТЕ'СТВЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. (*относящийся к природе*) табигый; **естественные богатства Киргизии** Кыргызстандын табигый байлыктары; **естественные науки** табият илимдери; 2. (*нормальный, закономерный*) закондуу, табигый; **естественный путь развития** өнүгүштүн табигый жолу; 3. (*непринуждённый*) табигый, кадыресе; **естественным образом** табигый түрдө; 4. (*не искусственный*) табигый; **естественная смерть** табигый өлүм, өз ажалынан өлүү; ◇ **естественный отбор** *биол.* табигый тандалуу (*жашоого көбүрөөк ийкемделген организмдер сакталып калуу процесси*).

**ЕСТЕСТВО'** *ср. уст.* (*сущность*): **это вытекает из самого естества данного вопроса** бул ушул маселенин өзүнөн эле чыгып отурат.

**ЕСТЕСТВОВЕ'Д** *м.* табиятчы (*табият таануу жагынан специалист*).

**ЕСТЕСТВОВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* табият таануу (*табият илиминен башталгыч билим берүүчү предмет*).

**ЕСТЕСТВОЗНА'НИЕ** *ср.* табият илими (*табият кубулуштары жөнүндөгү илим; мис. биология, ботаника, зоология ж. б.*).

**ЕСТЕСТВОИСПЫТА'ТЕЛЬ** *м.* табият илими жагынан окумуштуу адам.

**ЕСТЬ** I *несов.* 1. *кого-что* (*принимать пищу*) жеш; 2. *что* (*разрушать, разъедать*) жеш (*о ржавчине*); ачыштыруу (*о дыме*); ◇ **есть поедом** *разг.* жемелеп күн көрсөтпөө; **есть глазами** көзүн айырбай жеп жиберүү.

**ЕСТЬ** II 1. 3 *л. ед. ч. наст. вр. от* **быть**; **вы думаете о нём хуже, чем он есть** ал сиздин ойлогонуңуздай анчалык жаман эмес; 2. (*имеется*) бар, болот; **есть надежда, что он скоро вернётся** ал жакында келет деген үмүт бар; **есть у тебя эта книга?** сенде бул китеп барбы?; **у них есть что показать** аларда көрсөтүүгө жарактуу нерсе бар; **есть чему поучиться** бирдеме үйрөнүүгө болот; ◇ **как есть** такыр, эч; **так и есть** чындыгында; **бежать что есть сил** күчүнүн барынча жүгүрүү.

**ЕСТЬ** III *межд.* есть, макул, куп болот (*командирдин буйругун кабыл алгандыкка жооп*).

**ЕФРЕ'ЙТОР** *м.* ефрейтор (*Советтик Армияда солдаттан жогорку наам*).

**Е'ХАТЬ** *несов.* 1. (*на чём-л., куда-л.*) жүрүү, баруу, келүү (*унаага минип же бир нерсеге түшүп жүрүү, баруу, келүү*); **он ехал верхом на лошади** ал атчан бара жатты; **ехать на санях** чанага түшүп жүрүү; **ехать на машине** машинага түшүп жүрүү; **ехать на пароходе** пароходго түшүп жүрүү; **мы долго ехали степью** биз талаа менен узак жүрдүк; 2. (*двигаться — о средствах передвижения*) жүрүү; **едет автомобиль** автомобиль жүрүп баратат; 3. (*уезжать*) жөнөө, баруу, жолго чыгуу, кетүү; **мы едем в экспедицию** биз экспедицияга баратабыз; **завтра еду в Москву** эртең Москвага жөнөймүн; 4. *перен. разг.* (*скользить, разъезжаться*) токтобой жылгаяктоо, тайгалануу; **ноги так и едут в разные стороны** бут туш-туш жака тайгаланат; ◇ **дальше ехать некуда** *разг. неодобр.* андан ары эмне болсун; андан ары кеп жок.

www.bizdin.kg

**ЕХИ'ДНА** *ж.* 1. *зоол.* ехидна (*Австралиядагы денеси тикендүү кичине жаныбар*); 2. *зоол.* ехидна (*Австралияда жашоочу өтө уулуу жылан*); 3. *перен. разг.* (*о человеке*) кер какшык, табачыл.

**ЕХИ'ДНИЧАТЬ** *несов. разг.* кер какшык салуу, табалоо.

**ЕХИ'ДНО** *нареч.* кер какшык менен, табалап; **он ехи́дно улыбну́лся** ал табалап күлүмсүрөдү.

**ЕХИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое кер какшыкчыл, табачыл; **ехи́дный челове́к** кер какшык киши.

**ЕХИ'ДСТВО** *ср.* кер какшыктуулук, табачылдык.

**ешь** *наст. вр. и повел. накл. от* **есть** I.

**ЕЩЁ** *нареч.* 1. (*в добавление*) дагы, жана, да; **возьми́ ещё э́ту кни́гу** бул китепти да ал; **дай мне ещё** мага дагы бер; **прочита́й ещё раз** дагы бир жолу оку; 2. (*уже*) эле, болчу; **мы ко́нчили те́хникум ещё в про́шлом году́** биз техникумду былтыр эле бүткөнбүз; **он уе́хал ещё неде́лю тому́ наза́д** ал бир жума мурун кеткен болчу; 3. (*до сих пор*) элек, али; **он ещё не ко́нчил шко́лу** ал мектепти али бүгө элек; 4. (*при сравнительной степени*) андан бетер; **он стал ещё сильне́е** ал мурдагысынан бетер күчтүү болуп кетти; 5. (*указывает на наличие достаточного времени, условий*) али; **я ещё успе́ю проче́сть э́ту кни́гу** мен бул китепти окуп чыгууга али убактым бар; ◇ **и как ещё полу́чится!** кандай болуп чыгар экен десең!; **ещё бы!** *разг.* албетте!, сөзсүз!, ананчы!; **вы дово́льны таки́м посту́пком? — Ещё бы!** сиз бул ишке ыраазысызбы? — Ананчы!; **э́то ещё ничего́** *разг.* бул али эч нерсе эмес, жаман эмес; **вот ещё что вздума́л!** *разг.* дагы кайдагыны ойлоп чыгарган!; **всё ещё** -га чейин; **он всё ещё ждёт** ал ушу убакка чейин күтүп отурат; **ещё и ещё** дагы жана дагы; **нет ещё** азырынча жок; **ты ко́нчил рабо́ту? — Нет ещё** жумушту бүттүңбү? — Бүтө элекмин.

**Е'Ю** *мест. личн. твор. п. от* **она́** ал тарабынан; **рабо́та сде́лана ёю** жумуш ал тарабынан иштелген.

# Ж

**Ж** I *союз см.* **же** I.

**Ж** II *частица см.* **же** II; **ну так что ж?** андай болсо, эмне экен?, андай болсо, эмне болмок эле?

**ЖА'БА** I *ж. зоол.* курбака.

**ЖА'БА** II *ж. мед.*: **грудна́я жа́ба** *жүрөк оорунун бир түрү*.

**ЖА'БЕРНЫЙ,** -ая, -ое жабры-*га т.*; бакалоордуу; **жа́берные живо́тные** бакалоордуу жаныбарлар.

**ЖА'БИЙ,** -ья, -ье жаба-*га т.*

**ЖА'БРЫ** *мн.* бакалоор; ◇ **взять за жа́бры** *разг.* алкымдан алуу.

**ЖАВЕ'ЛЬ** *м.* жавель (*кездемени боёгондо жана кир жуганда колдонулуучу хлор сымак эритинди*).

**ЖА'ВОРОНОК** *м.* торгой.

**ЖА'ДИНА** *м. и ж. разг. неодобр.* 1. (*ненасытный*) ач көз, соргок, тойбос; 2. (*скупой*) сараң.

**ЖА'ДНИЧАТЬ** *несов. разг.* 1. (*напр. в еде*) ач көздүк кылуу, сугалактануу; 2. (*скупиться*) сараңдык кылуу, кызгануу.

**ЖА'ДНО** *нареч.* 1. сугалактык менен, ач көздүк менен, бурдап; **он жа́дно ест хлеб** ал нанды бурдап сугунуп жатат; 2. *перен.* ынталуу, шыктуу, абдан кызыгуучу; **жа́дно слу́шать** абдан кызыгып угуу.

**ЖА'ДНОСТЬ** *ж.* 1. (*алчность*) ач көздүк, сугалактык; 2. (*скупость*) сараңдык, зыкымдык; **жа́дность к де́ньга́м** акчага сараңдык; 3. *перен.* ынталуулук, шыктуулук, абдан кызыгуучулук; **он с жа́дностью набро́сился на кни́ги** ал китепти абдан кызыгуу менен окуй баштады.

**ЖА'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*алчный*) ач көз, тойбос, сугалак; 2. (*скупой*) сараң, зыкым; **жа́дный челове́к** сараң киши; 3. *перен.* ынталуу, шыктуу, абдан кызыгуучу; **жа́дный на кни́ги** китепке абдан кызыккан адам; **с жа́дным внима́нием** абдан кызыгуу менен; **смотре́ть жа́дными глаза́ми** көзүн айрыбай суктанып кароо.

**ЖА'ЖДА** *ж.* 1. суусоо; **утоли́ть жа́жду** суусун кандыруу; **возбужда́ть жа́жду** суусатуу, чаңкатуу; 2. *перен.* эңсөө, самоо, умтулуу; **жа́жда зна́ний** билим алууну эңсөө; **жа́жда свобо́ды** боштондукка умтулуу.

**ЖА'ЖДАТЬ** *несов.* 1. *уст.* суусоо; 2. *чего, перен.* эңсөө, самоо, умтулуу; **жа́ждать свобо́ды** боштондукка умтулуу; **он жа́ждал учи́ться** ал окууну эңсеген.

**ЖАКЕ'Т** *м.* жакет (*аялдардын кыска бешманты*).

**ЖАКЕ'ТКА** *ж. разг. см.* **жаке́т.**

**ЖАЛЕ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*испытывать жалость*) аёо, боор ооруу, кыйбоо; 2. *о ком-чём и с союзом «что»* өкүнүү; **жале́ть о поте́рянном вре́мени** бекер өткөн убакыт жөнүндө өкүнүү; 3. *что, чего* (*беречь*) аёо, жаны ачуу; **не жале́ть жи́зни** жан аябоо; **рабо́тать не жале́я сил** күч аябай иштөө; **жале́ть себя́** өзүн аёо.

**ЖА'ЛИТЬ** *несов. кого-что* чагуу.

**ЖА'ЛКИЙ,** -ая, -ое 1. (*несчастный*) аянычтуу, киши аярдык, боор оорурлук; **име́ть жа́лкий вид** кебетеси киши аярдык болуу; **быть жа́лким** аянычтуу абалда болуу; **жа́лкая улы́бка** кайгылуу жылмаюу; 2. (*невзрачный, плохой*) жаман, кебетеси кеткен; **костю́м пришёл в жа́лкое состоя́ние** костюмдун кебетеси кетти; 3. *презр.* (*ничтожный*) жек көрүнүч, жийиркенердик; **игра́ть жа́лкую роль** жек көрүнүч роль ойноо; **жа́лкий челове́к** байкуш киши; **жа́лкий трус** жек көрүнүч коркок.

**ЖА'ЛКО** 1. *нареч.* аянычтуу болуп, боор оорурлук (ачыгандай) болуп; **жа́лко вы́глядеть** кебетеси аянычтуу болуп көрүнүү; 2. *безл. в знач. сказ. кого-что, чего и с неопр.* аянычтуу, аёо, боор ооруу; **мне тебя́ жа́лко** сага менин боорум ачыйт; 3. *безл. в знач. сказ. с союзом «что»* жаман, өкүнүч, өкүнүчтүү; **жа́лко, что он не пришёл** анын келбегени жаман болду.

**ЖА'ЛО** *ср.* ийне, найза; **жа́ло пчелы́** аарынын ийнеси; **жа́ло сати́ры** *перен.* сатиранын найзасы.

**ЖА'ЛОБА** *ж.* 1. (*выражение неудовольствия*) наразылык, зардануу; **пристава́ть с жа́лобами** наразылыгын кайта-кайта эле айта берүү; 2. (*официальное заявление*) арыз, даттануу; **пода́ть жа́лобу** *юр.* арыз берүү; **принести́ жа́лобу** *на кого-л.* *бирөөнүн үстүнөн* арыз алып келүү; **кассацио́нная жа́лоба** *юр.* кассациялык даттануу (арыз); ◇ **кни́га жа́лоб и предложе́ний** даттануу жана сунуш китеби.

**ЖА'ЛОБНО** *нареч.* аянычтуу, аянычтуулук менен, кызганычтуу.

**ЖА'ЛОБНЫЙ,** -ая, -ое аянычтуу, кызганычтуу; **жа́лобный стон** аянычтуу онтоо; ◇ **жа́лобная кни́га** даттануу китеби.

**ЖА'ЛОБЩИК** *м. юр.* арызданууучу, даттануучу.

**ЖА'ЛОВАННЫЙ,** -ая, -ое *ист.* сыйга берилген (*сыйлык кылып мамлекет же жогорку кызматтагы адам тарабынан берилген*); **жа́лованные зе́мли** сыйга берилген жер; ◇ **жа́лованная гра́мота** жалованная грамота (*кандайдыр бир жеңилдиктер, артыкчылыктар жөнүндөгү мамлекеттик акт*).

**ЖА'ЛОВАНЬЕ** *ср. уст.* жалуун, маяна; **получи́ть жа́лованье** жалуун алуу.

**ЖА'ЛОВАТЬ** *несов. уст.* 1. *кого чем, кому что* (*награждать, дарить*) сыйлык кылып берүү, тартуу кылып берүү;

www.bizdin.kg

2. *кого-что, чаще с отриц.* (*ценить, оказывать внимание*) кадырдоо, ардактоо, сыйлоо; **его там не очень жалуют** аны ал жерде анчалык сыйлашпайт; **прошу любить и жаловать** сүйүп жана кадырдап жүрүшүңүздү сураймын; 3. *к кому-чему* (*приходить*) келүү, баруу; **давно вы к нам не жаловали** сиздин биздикине келбегениңизге көп болду.

**ЖА'ЛОВАТЬСЯ** *несов. на кого-что* 1. (*высказывать жалобы*) арызданүү, даттануу, зардануу; **на что вы жалуетесь?** сиздин эмне арызыңыз бар?; **жаловаться на плохую погоду** аба ырайы начар деп зардануу; **жаловаться на кого-либо** бирөө тууралу жаман айтуу; 2. *на кого-что* (*подавать жалобу*) даттануу, арыз берүү, арыздануу; **жаловаться в суд** сотко арыздануу.

**ЖАЛОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое *зоол.* ийнелүү, найзалуу (*аары ж. б.*).

**ЖА'ЛОСТЛИВОСТЬ** *ж. разг.* боорукердик, мейримдүүлүк.

**ЖА'ЛОСТЛИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* боорукер, мейримдүү.

**ЖА'ЛОСТНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* аянычтуу, муңдуу, боор оорурдук; **жалостная песня** муңдуу ыр.

**ЖА'ЛОСТЬ** *ж.* 1. (*сострадание*) аёо, аягандык, боор ооруу; **сделать** *что-л.* **из жалости** *к кому-л.* *бирөөнү аягандыктан бир нерсе* иштөө; **вызывать жалость** боорун оорутуу; 2. (*сожаление*) аёо, аягандык, өкүнүү, кейүү; **смотреть с жалостью** аягандык менен кароо; **какая жалость!** *разг.* аттигинай!, кап!, алда кокуй ай!, аттинай!

**ЖАЛЬ** 1. *безл. в знач. сказ. кому кого-что, чего и с неопр.* (*о чувстве жалости*) аёо, аянычтуу, боор ооруу; **мне жаль этого человека** мен бул кишини аяймын; 2. *безл. в знач. сказ. кого-что, чего и с неопр.* (*о сожалении*) аёо; **мне жаль дать тебе это** муну сага берүүгө кыйбай турам; 3. *безл. в знач. сказ. кому что, с неопр. и с союзом «что»* өкүнүчтүү, өкүнүч, жаман болуу; **жаль, что вы уезжаете** сиздин кеткениңиз жаман болду; **мне жаль слышать это** мен ушуну укканыма өкүнөм; **жаль уезжать** ай, кетким келбей турат!; 4. *вводн. сл. разг.* (*к сожалению*) аттигинай; **зайти-то к ним, жаль, нет времени** аттигинай, алардыкына баруу керек эле, убакыт жок.

**ЖАЛЮЗИ'** *ср. нескл.* жалюзи (*чий сыяктуу согулган терезе парда*).

**ЖАНДА'РМ** *м.* жандарм (*жандармерия кызматкери*).

**ЖАНДАРМЕ'РИЯ** *ж. собир.* жандармерия (*падышалык Россияда жана кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдө — революциячыл кыймылга каршы күрөшүү үчүн аскер тартибинде уюштурулган мамлекеттик полициянын отряддары*).

**ЖАНДА'РМСКИЙ,** -ая, -ое **жандарм**-*га т.*; жандармдык.

**ЖАНР** *м.* 1. *иск.* жанр (*кандайдыр бир искусствонун өзүнө таандык болгон өзгөчө бир түрү*); **лирический жанр** лирикалык жанр; **драматический жанр** драмалык жанр; 2. *иск.* жанр (*турмушту көрсөтө турган живопись*); 3. *перен.* жанр (*өнөкөт, стиль ж. б.*).

**ЖА'НРОВЫЙ,** -ая, -ое **жанр**-*га т.*; жанрдык; **жанровая живопись** жанрдык живопись.

**ЖАР** *м.* 1. (*нагретый воздух*) ысык; **от печи несло жаром** мештен ысык уруп турду; 2. (*угли*) чок; **надо выгрести жар из печи** мештеги чокту чыгарып таштоо керек; 3. (*о повышенной температуре*) эт ысуу; **у ребёнка жар** баланын эти ысып турат; **его бросило в жар** ал ысып-күйүп турду; 4. *перен.* (*рвение, пыл*) кызуулук, ынта; **работать с жаром** кызуулук менен иштөө; ◇ **поддать жару** *разг.* демилгени күчөтүү; **чужими руками жар загребать** *погов.* бирөөнүн колу менен чок шилөө.

**ЖАРА'** *ж.* ысык, ысыктык.

**ЖАРГО'Н** *м.* жаргон (*жалпы элдик тилден айрымаланган кандайдыр бир социалдык топтун же таптын тили; ушул топко керектелүүчү спецификалык мааниси бар жасалма, шарттуу сөздөр же туюнтмалар*).

**ЖАРГО'ННЫЙ,** -ая, -ое **жаргон**-*го т.*; жаргондук; **жаргонное слово** жаргондук сөз.

**ЖА'РЕНЫЙ,** -ая, -ое 1. куурулган; **жареное мясо** куурулган эт; 2. *в знач. сущ. ср. см.* **жаркое.**

**ЖА'РЕНЬЕ** *ср.* кууруу.

**ЖА'РИТЬ** *несов. что* кууруу, кууруп бышыруу; ◇ **солнце жарит** *разг.* күн куйкалап турат.

**ЖА'РИТЬСЯ** *несов.* 1. куурулуу, куурулуп бышырылуу; **рыба жарится** балык куурулуп жатат; 2. *разг.* (*находиться на жаре*) күйүү, какталуу; **жариться на солнце** күнгө какталуу; 3. *страд. к* **жарить.**

**ЖАРИ'ЩА** *ж. разг.* кайнаган ысык.

**ЖА'РКИЙ,** -ая, -ое 1. ысык; **жаркое лето** ысык жай; **жаркий полдень** ысык чаңкай түш; **жаркий климат** ысык климат; **жаркие страны** ысык өлкөлөр; **жаркий пояс** *геогр.* ысык алкак; 2. *перен.* кызуу, кагуу; **жаркий спор** кызуу талаш; **жаркий бой** катуу уруш.

**ЖА'РКО** I. *нареч.* ысык; **солнце жарко грело** күн ысык тийип турду; 2. *безл. в знач. сказ.* ысык болуу, ысып кетүү; **в июле в Ташкенте очень жарко** июлда Ташкентте абдан ысык болот; **мне стало жарко** мен ысып кеттим; 3. *нареч. перен.* кызуу, катуу; **жарко обсуждать** кызуу талкуулоо.

**ЖАРКО'Е** *ср.* куурдак, куурулган эт.

**ЖАРО'ВНЯ** *ж.* жаровня (*ичине чок салып тамак бышырылуучу темир мешиптин бир түрү; мис. шиш кебек бышырылуучу очок*).

**ЖАРО'К** *м. уменьш. от* **жар.**

**ЖАРОПОНИЖА'ЮЩЕЕ** *ср. мед.* ысыкты төмөндөтүүчү дары, ысыкты түшүрүүчү дары.

**ЖАРОТРУ'БНЫЙ,** -ая, -ое: **жаротрубный котёл** *тех.* газ трубалуу казан (*ичиндеги трубалар менен жүргөн ысык газ аркылуу ысытылуучу казан*).

**ЖАРОУПО'РНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* ысыкка туруктуу, ысыкка туруштук берүүчү; **жароупорная сталь** ысыкка туруштук берүүчү болот.

**ЖАРОУСТО'ЙЧИВЫЙ,** -ая, -ое ысыкка чыдамдуу.

**ЖАР-ПТИ'ЦА** *ж. фольк.* зымырык куш (*жомокто айтылуучу жаркырак жүндүү куш*).

**ЖАСМИ'Н** *м. бот.* жасмин (*атыр жыттуу ак гүлү бар бакма өсүмдүктүн бир түрү*).

**ЖАСМИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **жасмин**-*ге т.*; **жасминный куст** жасмин бадалы.

**ЖАСМИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое *см.* **жасминный.**

**ЖА'ТВА** *ж.* 1. оруу, оруу-жыюу; 2. (*время уборки*) орок маалы, эгинди оруу-жыюу убагы; 3. (*урожай*) эгин, түшүм; **колхозные поля дали богатую жатву** колхоз талаалары мол түшүм берди.

**ЖА'ТВЕННЫЙ,** -ая, -ое: **жатвенная машина** оруучу (чапкыч) машина.

**ЖА'ТКА** *ж. с.-х.* жатка (*чапкыч машина*).

**ЖАТЬ** I *несов.* 1. *что* (*выжимать*) сыгуу; **жать виноград** жүзүм сыгуу; 2. *что* (*пожимать*) кысуу; **жать руку** колду кыса кармоо; 3. *что* (*быть тесным*) кысуу; **сапог жмёт ногу** өтүк бутту кысат; 4. *кого-что, перен.* (*теснить*) кысымчылык көрсөтүү.

**ЖАТЬ** II *несов. что* оруу, оруу-жыюу; **жать пшеницу** буудай оруу; **жать машинами** машина менен оруу.

**ЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*прижиматься*) корголоо, ыктоо; **ребёнок жмётся к матери** бала энесине корголойт; 2. *перен. разг.* (*ёжиться*) бүрүшүү, курушуу; **жаться от холода** суукtan бүрүшүү; 3. *перен. разг.* (*скупиться*) зыкымдануу; 4. *перен. разг.* (*стесняться*) тартынуу, уялуу; **чего ты жмёшься, отвечай скорее** сен эмне тартынасың, тез жооп бер.

**ЖБАН** *м.* капкактуу жыгач челек.

**ЖВА'ЧКА** *ж.* кепшөө, кепшенди; ◇ **жевать жвачку** *разг.* мыжуу, эзүү.

**ЖВА'ЧНЫЕ** *мн.* (*ед.* **жвачное** *ср.*) *зоол.* кепшөөчүлөр.

**жгу, жжёшь** *и т. д. наст. вр. от* **жечь.**

**жгусь, жжёшься** *и т. д. наст. вр. от* **жечься.**

www.bizdin.kg

**ЖГУТ** *м.* 1. өрүлгөн нерсе, эшилген нерсе; 2. *мед.* жгут (*кан агууну токтотуу үчүн дененин бир жерине; мис. билекке байлай турган резинка түтүк*).

**ЖГУ'ТИК** *м. зоол.* жгутик (*жөнөкөй организмдердин чач түрүндөгү кыймылдоо органы*).

**ЖГУ'ЧИЙ**, -ая, -ее 1. (*палящий*) күйгүзгөн, куйкалаган; **жгу́чее со́лнце** куйкалаган ысык күн; 2. *перен.* какшаган, зырпылдаган, каарыган; **жгу́чий моро́з** каарыган суук; 3. *перен.* ызалаган, күйдүргөн, жанга тийген; **жгу́чая насме́шка** ызалаган күлкү; **жгу́чий взгляд** күйдүрө караган көз караш; **жгу́чие слёзы** жан ачыган ый; ◇ **жгу́чий брюне́т** чачы, көзү капкара киши.

**ЖДАТЬ** *несов.* 1. *кого-что, чего* күтүү, карап отуруу, карап туруу; **вре́мя не ждёт** убакыт күтүп турбайт, убакыт шашылыш, убакыт тар; **ждать по́езда** поездди күтүү; **он заста́вил вас ждать** ал сизди күттүрүп койду; **зна́ет ли он, что его́ ждёт** өзүнүн эмне болорун ал билет болду бекен; 2. *чего и с союзом «что»* (*предполагать*) күтүү, ой жоруу, ...деп ойлоо; **ждать бу́ри** бороон болот деп күтүү; **все жда́ли, что он ста́нет кру́пным учёным** бардыгы аны чоң окумуштуу болот деп ойлогон; ◇ **того́ и жди** *разг.* мына эми болот деп туруу; **ждём не дождёмся** күтө-күтө зарыктык; **сиде́ть у́ моря и ждать пого́ды** *погов.* белгисиз бир нерсени натыйжасыз, пайдасыз күтө берүү.

**жду, ждёшь** *и т. д наст. вр. от* **ждать**.

**ЖЕ** I *союз* 1. *противит.* ал эми, болсо, ал ... болсо; **он остаётся, я же уезжа́ю** ал калат, мен болсо кетемин; 2. *присоед.* болсо; **с тех пор как я его́ зна́ю, зна́ю же я его́ с де́тства, я не перестава́л дружи́ть с ним** мен аны билгенден бери, аны болсо мен бала чагымдан бери билемин, мен аны менен достук байланышымды үзгөн жокмун; ◇ **всё же** ошондой болсо да; **всё же мне не хо́чется идти́** ошондой болсо да, менин баргым келбей турат.

**ЖЕ** II *частица* 1. *усил.* деги, *сайчы, эмес беле (*м, *ң и т. д.*), ай, да, экен го (*сөздүн маанисин күчөтөт*); **когда́ же вы бу́дете гото́вы?** силер деги качан даяр болосуңар?; **пойдём же!** жүрсөңчү деги!; **уходи́ же!** кетсеңчи деги!; **ну и хитёр же ты!** ай, куу экенсиң да сен!; **мы пое́дем сего́дня же** биз бүгүн эле барабыз; **ведь вы́думал же ты!** сенин ойлоп тапканың ай!; **есть же таки́е счастли́вцы!** ушундай да бактылуулар болот экен го!; 2. (*при указании тожества*) эле; **тот же** ошол эле; **тако́й же** ошондой эле; **на той же страни́це** ошол эле бетте.

**ЖЕВА'НИЕ** *ср.* чайноо, кепшөө; **таба́к для жева́ния** чайнама тамеки.

**ЖЁВАНЫЙ**, -ая, -ое *разг.* (*измятый*) бырышкан, уйпаланган.

**ЖЕВА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. *анат.* чайнаткыч, кепшеткич; **жева́тельные мы́шцы** чайнаткыч булчуңдар; 2.: **жева́тельный таба́к** чайнама тамеки.

**ЖЕВА'ТЬ** *несов. что* чайноо, кепшөө; ◇ **жевать губа́ми** эрин менен чайноо (*кепшегендей эриндерин кыймылдатуу*).

**ЖЕЗЛ** *м.* 1. *ист.* жезл (*бийликтин, атактуу абалдын белгиси болгон кооздолгон таяк*); **фельдма́ршальский жезл** фельдмаршалдык жезл; 2. *ж.-д.* жезл (*поезддин жүрүшүн жөнгө салып туруучу автоматтуу прибордун металл өзөгү*); 3. *геол.* жезл (*жердин бетин так өлчөө үчүн колдонулуучу прибор*).

**ЖЕЛА'НИЕ** *ср.* каалоо, тилек; **име́ть жела́ние** каалоо; **горе́ть жела́нием** абдан каалоо; **при всём моём жела́нии** менин тилегиме карабастан; **про́тив жела́ния** тилекке каршы; **по жела́нию** каалоо боюнча; **исполне́ние жела́ния** тилектин орундалышы; **его́ жела́ние испо́лнилось** анын тилеги орундалды.

**ЖЕЛА'ННЫЙ**, -ая, -ое 1. (*ожидаемый*) күткөн, тилеген, көздөгөн, каалаган, жагымдуу; **жела́нная весть** жагымдуу кабар; 2. (*любимый*) асылкеч, аздек, сүйгөн; **жела́нный друг** сүйгөн дос (жар).

**ЖЕЛА'ТЕЛЬНО** *безл. в знач. сказ. с неопр. и с союзом «чтобы»* зарыл, жакшы болор эле, ырас болор эле; **жела́тельно зако́нчить рабо́ту сего́дня** иш бүгүн бүтсө, жакшы болор эле; **жела́тельно, что́бы вы пришли́** сиз келсеңиз жакшы болот эле.

**ЖЕЛА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* каалагандык, самагандык, жакшы болордук, ырас болордук.

**ЖЕЛА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое каалаган, самаган, тилеген, көңүлдөгүдөй; **вопро́с разреши́лся в жела́тельном направле́нии** маселе көңүлдөгүдөй чечилди.

**ЖЕЛАТИ'Н** *м.* желатин (*кулинарияда, фотографияда, кино өндүрүшүндө колдонулуучу жыты жана даамы жок тунук желим*).

**ЖЕЛАТИ'НОВЫЙ**, -ая, -ое **желатин**-*ге т.*

**ЖЕЛА'ТЬ** *несов. кому чего, с неопр. и с союзом «чтобы»* каалоо, тилөө, тилек кылуу; **си́льно жела́ть** *чего-л.* бир нерсени абдан каалоо; **я жела́л бы знать** менин билгим келет; **жела́ю вам успе́ха в рабо́те** мен сиздин ишиңиздин ийгиликтүү болушун каалаймын; **жела́ть добра́** *кому-л.* бирөөгө жакшылык каалоо; ◇ **оставля́ет жела́ть лу́чшего** анчалык жакшы деп айтууга болбойт.

**ЖЕЛА'ЮЩИЕ** *мн.* каалоочулар, каалагандар.

**ЖЕЛВА'К** *м.* катуу шишик.

**ЖЕЛЕ'** *ср. нескл.* желе (1. *жемиштин суусунан жасалган килкилдек таттуу тамак*; 2. *сөөктү, этти узак кайнатуудан пайда болуучу килкилдеген нерсе*).

**ЖЕЛЕЗА'** *ж. анат.* без; **же́лезы вну́тренней секре́ции** ички секреция бездери; **щитови́дная железа́** калкан без (*кекиртектеги*).

**ЖЕЛЕ'ЗИСТЫЙ** I, -ая, -ое темирдүү; **желе́зистая руда́** темирдүү руда; **желе́зистый исто́чник** темирдүү булак.

**ЖЕЛЕ'ЗИСТЫЙ** II, -ая, -ое **железа**-*га т.*

**ЖЕЛЕ'ЗКА** *ж. разг.* бир кесек темир.

**ЖЕЛЁЗКА** *ж. уменьш. от* **железа́** кичинекей без.

**ЖЕЛЕЗНОДОРО'ЖНИК** *м.* темир жолчу, темир жол кызматкери, темир жол жумушчусу.

**ЖЕЛЕЗНОДОРО'ЖНЫЙ**, -ая, -ое **железная дорога**-*га т.*; **железнодоро́жная ве́тка** темир жол тармагы; **железнодоро́жный тра́нспорт** темир жол транспорту.

**ЖЕЛЕ'ЗНЫЙ**, -ая, -ое 1. **железо**-*го т.*, **желе́зный лом** темир сыныгы; **желе́зная крова́ть** темир кровать; **желе́зная кры́ша** тунуке чатыр (*үйдүн чатыры*); 2. *перен.* (*твёрдый, непреклонный*) темирдей, мыкты, катуу, чың; **желе́зная во́ля** темирдей кайрат, катуу кайрат; **желе́зная дисципли́на** темирдей катуу дисциплина; катуу тартип; 3. *перен.* (*сильный, крепкий*) темирдей, мыкты, катуу, чың; **желе́зные мы́шцы** темирдей булчуңдар; **желе́зное здоро́вье** мыкты ден соолук; ◇ **желе́зная доро́га** темир жол; **узкоколе́йная желе́зная доро́га** тар колеялуу темир жол; **подзе́мная желе́зная доро́га** жер астындагы темир жол; **желе́зный век** *ист.* темир кылымы; **желе́зное де́рево** *бот.* темир жыгач; **желе́зный купоро́с** *хим.* темир купоросу; **за желе́зной решёткой** түрмөдө.

**ЖЕЛЕЗНЯ'К** *м. мин.* железняк (*темир рудасы*); **магни́тный железня́к** магниттүү железняк.

**ЖЕЛЕ'ЗО** *ср.* 1. темир; тунуке (*листовое, кровельное*); 2. *собир.* темир-тунукеден жасалган буюмдар, темир-тезек; 3. *мед.* темир (*дарынын бир түрү*); ◇ **куй желе́зо, пока́ горячо́** *посл.* темирди кызуусунда сок.

**ЖЕЛЕЗОБЕТО'Н** *м. тех.* темир-бетон.

**ЖЕЛЕЗОБЕТО'ННЫЙ**, -ая, -ое **железобетон**-*го т.*; темир-бетондук; **железобето́нный мост** темир-бетондук көпүрө.

**ЖЕЛЕЗОДЕ'ЛАТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *тех.* темир жасоочу; **железоде́лательная промы́шленность** темир жасоочу өнөр жай.

**ЖЕЛЕЗОПЛАВИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *тех.* темир эриткүчү; **железоплави́льный заво́д** темир эриткүчү завод.

www.bizdin.kg

**ЖЕЛЕЗОПРОКА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* темирди прокат кылуучу; **железопрокáтный цех** темирди прокат кылуучу цех.

**ЖЕЛЕЗОРЕ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое темир кесүүчү; **железорéзные нóжницы** темир кесүүчү кайчы.

**ЖЕЛЕЗОРУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое темир рудалык, темир рудалуу; **железорýдный бассéйн** темир рудалуу бассейн; **железорýдное месторождéние** темир рудалуу кен.

**ЖЁЛОБ** *м.* (*мн.* **желобá**) кобул; **водостóчный жёлоб** суу аккыч (суу акма) кобул.

**ЖЕЛОБО'К** *м. уменьш. от* **жёлоб** кобулча.

**ЖЕЛТЕ'ТЬ** *несов.* **1.** (*становиться жёлтым*) саргаруу, саргаюу; **лúстья ужé желтéют** жалбырактар саргара баштады; **2.** (*виднеться — о жёлтом*) саргарып көрүнүү; **вдалú желтéла пшенúца** буудай алыстан саргарып көрүндү.

**ЖЕЛТЕ'ТЬСЯ** *несов.* саргарып көрүнүү.

**ЖЕЛТИЗНА'** *ж.* саргыч, саргылт, саргыч түс; **с желтизнóй** сарысы бар.

**ЖЕЛТИ'ТЬ** *несов. что* саргартуу, сарыга боёо, саргыч тарттыруу.

**ЖЕЛТО'К** *м.*: **желтóк яйцá** жумуртканын сарысы.

**ЖЕЛТОПУ'ЗИК** *м. зоол.* сары жылан.

**ЖЕЛТОРО'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*о птенцах*) сары оозду (*мис. балапан*), **2.** *перен. разг.* тажрыйбасыз, такшалбаган жаш (*адам*); боз баш; **желторóтый юнéц** боз баш бала.

**ЖЕЛТУ'ХА** *ж. мед.* сары оору.

**ЖЕЛТУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое **желтуха**-*га т.*; сары оорулуу.

**ЖЁЛТЫЙ,** -ая, -ое сары; **жёлтая крáска** сары боёк; ◇ **жёлтая лихорáдка** *мед.* сары безгек (*тропиктик оору*).

**ЖЕЛУДЁВЫЙ,** -ая, -ое **жёлудь**-*ге т.*; **желудёвый кóфе** жёлуддан жасалган кофе.

**ЖЕЛУ'ДОК** *м.* карын, ич; **расстрóйство желýдка** ич бузулгандык, ич өтүү; **несварéние желýдка** *мед.* күптү болуу; карындын аш сиңире албаганы.

**ЖЕЛУ'ДОЧЕК** *м. анат.* карынча (*жүрөктүн кандын жүрүшүн жөнгө салуучу бөлүгү*).

**ЖЕЛУ'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое **желудок**-*ко т.*; **желýдочный сок** карын согу; **желýдочное заболевáние** ич оору.

**ЖЁЛУДЬ** *м.* жёлудь (*эмен жыгачтын уругу*).

**ЖЁЛЧНОСТЬ** *ж.* чыртылдама мүнөздүүлүк, чыртылдамалуулук, кекээрдүүлүк.

**ЖЁЛЧНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *физиол.* **жёлчь** 1-*ге т.*; **жёлчный пузы́рь** өт; **2.** *перен.* чыртылдама мүнөздүү, кекээрдүү; **жёлчный харáктер** кекээрдүү мүнөз.

**ЖЁЛЧЬ** *ж.* **1.** *физиол.* өт; **2.** *перен.* кекээр.

**ЖЕМА'НИТЬСЯ** *несов. разг.* кылыктануу, кылык көрсөтүү, чоюлуу, наздануу.

**ЖЕМА'ННИЦА** *ж. разг.* кылыктуу аял, чоюлган аял, наздуу аял.

**ЖЕМА'ННИЧАТЬ** *несов. см.* **жемáниться.**

**ЖЕМА'ННЫЙ,** -ая, -ое кылыктуу, чоюлган, наздуу; **жемáнные манéры** кылыктуу кыял.

**ЖЕМА'НСТВО** *ср.* кылык, кылык көрсөтүүчүлүк, наздуулук.

**ЖЕ'МЧУГ** *м.* бермет; **лóвля жéмчуга** бермет кармоо; **нúтка жéмчуга** бир жип бермет, бир түндүк бермет.

**ЖЕМЧУ'ЖИНА** *ж.* **1.** берметтин бир бүртүгү; **2.** *перен.* көөр, асыл мүлк; **жемчýжина поэ́зии** поэзиянын көөрү.

**ЖЕМЧУ'ЖНИЦА** *ж.* **1.** *зоол.* берметчи (*денесинде бермет пайда болуучу моллюск*); **2.** *вет. см.* **жемчýжный (жемчýжная болéзнь).**

**ЖЕМЧУ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **жемчуг**-*га т.*; **жемчýжная рáковина** бермет раковинасы; **2.** *перен.* бермет, берметтей болгон; **жемчýжные зýбы** берметтей болгон тиштер; ◇ **жемчýжная болéзнь** *вет.* үй айбандарынын жана канаттууларынын туберкулёз оорусу.

**ЖЕНА'** *ж.* аял, катын, зайып.

**ЖЕНА'ТЫЙ,** -ая, -ое аялдуу, катындуу, зайыбы бар.

**ЖЕНИ'ТЬ** *сов. и несов. кого на ком* үйлөндүрүү, аял алып берүү; ◇ **без меня́ меня́ жени́ли** *разг.* менин сыртыман тон бычыптыр.

**ЖЕНИ'ТЬБА** *ж.* үйлөнүү, аял алуу, катын алуу.

**ЖЕНИ'ТЬСЯ** *сов. и несов.* үйлөнүү, аял алуу, катын алуу; ◇ **жéнится — перемéнится** *погов.* катын алса, түзөлөт.

**ЖЕНИ'Х** *м.* кыз көрүп жүргөн жигит.

**ЖЕНИХО'ВСКИЙ,** -ая, -ое **жених**-*ке т.*

**ЖЕНОНЕНАВИ'СТНИК** *м.* аялды жаман көрүүчү киши.

**ЖЕНОНЕНАВИ'СТНИЧЕСТВО** *ср.* аялды жаман көрүүчүлүк.

**ЖЕНОПОДО'БНЫЙ,** -ая, -ое аял чалыш, зайлана; **женоподóбный мужчúна** аял чалыш эркек.

**ЖЕ'НСКИЙ,** -ая, -ое **женщина**-*га т.*; **Междунарóдный жéнский день** Эл аралык аялдар күнү; **жéнский труд** аялдар эмгеги; **жéнские болéзни** аял оорулары; **жéнский род** *грам.* женский род (*кээ бир тилде болуучу грамматикалык категория*).

**ЖЕ'НСТВЕННОСТЬ** *ж.* аялдык, назиктик, жумшактык.

**ЖЕ'НСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое аялдык касиеттүү, аялдык сапаттуу, назик, жумшак.

**ЖЕ'НЩИНА** *ж.* аял; **замýжняя жéнщина** күйөөлүү аял; **жéнщина-врач** врач аял.

**ЖЕНЬШЕ'НЬ** *м. бот.* женьшень (*дары өсүмдүктүн бир түрү*).

**ЖЁРДОЧКА** *ж.* **1.** *уменьш. от* **жердь** 1 кичинекей чабак жыгач; **2.** (*насест*) куштардын түнөгүнө коюлуучу туура жыгач, туур.

**ЖЕРДЬ** *ж.* **1.** узун чабак жыгач; **2.** *перен.* (*о человеке*) узун арык киши.

**ЖЕРЁБАЯ** *прил. и в знач. сущ. ж.* бооз (*бээ, эшек*).

**ЖЕРЕБЁНОК** *м.* жаш жылкы (*кулун, тай, кунан*).

**ЖЕРЕБЕ'Ц** *м.* айгыр; **завóдский жеребéц** зоот айгыр.

**ЖЕРЕБИ'ТЬСЯ** *несов.* тууш (*мис. бээ, эшек*).

**ЖЕРЁБОСТЬ** *ж.* боодук (*бээнин же эшектин боодугу*).

**ЖЕРЕ'БЧИК** *м. уменьш. от* **жеребéц** айгыр.

**ЖЕРЕБЬЁВКА** *ж.* жребий кармоо, кара көтөн кармоо.

**ЖЕРЕБЯ'ТИНА** *ж.* жаш жылкынын эти.

**ЖЕРЕБЯ'ЧИЙ,** -ья, -ье **жеребёнок**-*ко т.*

**ЖЕ'РЕХ** *м.* жерех (*балыктын бир түрү*).

**ЖЕРЛО'** *ср.* ооз; **жерлó пýшки** замбиректин оозу; **жерлó вулкáна** вулкандын оозу.

**ЖЁРНОВ** *м.* тегирмен ташы.

**ЖЕ'РТВА** *ж.* **1.** *ист.* курман; курмандык; **приносúть жéртву** курман чалуу; **2.** *перен.* (*самопожертвование*) курман кылуу; **идтú на жéртвы** курман болгонуна ыраазы болуу; **принестú в жéртву** өз ыктыяры менен бир нерседен кечүү; **3.** *перен.* бүлгүнгө учураган, азап тарткан, курман болгон, биреөнүн колунан өлгөн; **имéются человéческие жéртвы** адамдар курман болду; **он стал жéртвой своéй неосторóжности** ал өзүнүн этиятсыздыгынан азап тартты.

**ЖЕ'РТВЕННИК** *м. ист.* курмандык чалынуучу жер.

**ЖЕ'РТВЕННОСТЬ** *ж.* курман болгучтук, бир иште курман болуудан аянбагандык.

**ЖЕ'РТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **жертва** 1-*ге т.*; **жéртвенное живóтное** курмандыкка чалынуучу (чалынган) мал.

**ЖЕ'РТВОВАТЕЛЬ** *м. уст.* кайыр кылып берүүчү.

**ЖЕ'РТВОВАТЬ** *несов.* **1.** *что* кайыр кылып берүү; **2.** *кем-чем, перен.* курман кылуу; **жéртвовать собóй** өзүн курман кылуу; **жéртвовать жúзнью** жанын курман кылуу.

**ЖЕРТВОПРИНОШЕ'НИЕ** *ср.* курман чалуу, курмандык кылуу.

**ЖЕСТ** *м.* **1.** шилтөө, жаңдоо; **решúтельный жест** чечкиндүү жаңдоо; **2.** *перен.* (*поступок*) жорук (*атайы көрсөтүү максаты менен иштелген кылык, жорук*); **благорóдный жест** сыпайгерчилик менен болгон жорук.

**ЖЕСТИКУЛИ'РОВАТЬ** *несов.* шилтөө, жаңдоо.

www.bizdin.kg

**ЖЕСТИКУЛЯ'ЦИЯ** *ж.* шилтөө, жаңдоо.

**ЖЁСТКИЙ,** -ая, -ое 1. жука, катуу, кайраттуу; **жёсткая посте́ль** жука төшөк; **жёсткий ваго́н** катуу вагон; **жёсткие во́лосы** кайраттуу чач; 2. *перен.* катаал, катуу, сор; **жёсткий хара́ктер** катаал мүнөз; **жёсткие усло́вия** сор шарттар; **жёсткие сро́ки** катуу мөөнөт.

**ЖЁСТКО** *нареч.* катуу; **мя́гко сте́лет, да жёстко спать** *погов.* төшөгөнү жумшак, жатууга катуу; бал тилин салуу.

**ЖЁСТКОСТЬ** *ж.* 1. катуулук; 2. *перен.* катаалдык.

**ЖЕСТО'КИЙ,** -ая, -ое 1. (*безжалостный*) катаал, ырайымсыз, таш боор; **жесто́кий челове́к** катаал киши; 2. (*очень сильный*) абдан катуу, айыгышкан, эң эле жаман; **жесто́кая борьба́** айыгышкан күрөш; **жесто́кие моро́зы** катуу суук; **жесто́кое сопротивле́ние** катуу каршылык көрсөтүү; **жесто́кая необходи́мость** абдан зарылдык.

**ЖЕСТОКОСЕ'РДИЕ** *ср.* катаалдык, ырайымсыздык, таш боордук.

**ЖЕСТОКОСЕ'РДНЫЙ,** -ая, -ое катаал, ырайымсыз, таш боор.

**ЖЕСТО'КОСТЬ** *ж.* катаалдык, ырайымсыздык, таш боордук.

**ЖЕСТЬ** *ж.* каңылтыр, тунуке; **кро́вельная жесть** үйдүн төбөсүн жабуучу каңылтыр темир.

**ЖЕСТЯ'НИК** *м. см.* **жестя́нщик.**

**ЖЕСТЯ'НКА** *ж.* 1. (*кусочек жести*) кичинекей каңылтыр; 2. (*коробка из жести*) каңылтыр челекче.

**ЖЕСТЯНО'Й,** -а́я, -о́е **жесть**-*ге т.*

**ЖЕСТЯ'НЩИК** *м.* жестянщик (*каңылтырдан ар нерсе жасоочу уста*).

**ЖЕТО'Н** *м.* жетон (*кандайдыр бир кружоктун, уюмдун мүчөсү тагынуучу значок*).

**ЖЕЧЬ** *несов.* 1. *кого-что* өрттөө; 2. *что* жагуу, күйгүзүү; **он всю ночь жёг ла́мпу** ал түнү менен лампа жагып чыкты; 3. *кого-что* куйкалоо, күйгүзүү, ачыштыруу; **со́лнце жжёт** күн куйкалап турат; **крапи́ва жжёт** чалкан ачыштырат.

**ЖЕ'ЧЬСЯ** *несов.* 1. күйгүзүү, күйдүрүү, ачыштыруу; **крапи́ва жжётся** чалкан ачыштырат; 2. *страд. к* **жечь.**

**ЖЖЕ'НИЕ** *ср.* сарына, зарына.

**ЖЖЁНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*обожжённый*) бышырылган, бышкан; **жжёный кирпи́ч** бышкан кирпич; 2. (*поджаренный*) куурулган; **жжёный ко́фе** куурулган кофе.

**жжёшь, жжёт** *и т. д. наст. вр. от* **жечь.**

**жжёшься, жжётся** *и т. д. наст. вр. от* **жёчься.**

**ЖИВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое күч алдыруучу, эс алдыруучу, дем берүүчү; **живи́тельный во́здух** эс алдыруучу аба.

**ЖИ'ВНОСТЬ** *ж. собир. разг.* бакма куштар.

**ЖИ'ВО** *нареч.* 1. (*ясно, отчётливо*) эң ачык, эң анык, эң даана; **он жи́во по́мнил все собы́тия** ал бардык окуяны эсине даана түшүрчү эле; **он мне жи́во напомина́ет мать** ал мага энесинин так өзүн элестетет; 2. (*занимательно*) жандуу түрдө; кызыктуу түрдө; **он жи́во расска́зывал о ви́денном** ал көргөнүн кызыктуу түрдө айтып берди; 3. *разг.* (*скоро*) бат, бат эле, бачым, бачым эле, тез, тез эле; **он жи́во сбе́гал за врачо́м** ал бат эле барып врач алып келди.

**ЖИВО'Й,** -а́я, -о́е 1. тирүү, жаны бар; **жива́я ры́ба** тирүү балык; **его́ роди́тели жи́вы** анын ата-энеси тирүү; 2. (*подлинный, настоящий*) жандуу, чыныгы, реалдуу; **живо́й приме́р геро́изма** *баатырдыктын чыныгы* үлгүсү; **жива́я действи́тельность** реалдуу чындык; **живы́е фа́кты** чыныгы фактылар; 3. (*оживлённый, подвижный*) жандуу, шамдагай, ойноок, ойноктогон; **живо́й ребёнок** ойноок бала; **живы́е глаза́** ойноктогон көз; 4. (*лёгкий, занимательный*) кызыктуу түрдө; **живо́е изложе́ние** кызыктуу түрдө айтуу *же* жазуу; 5. (*остро переживаемый*) эстен кетпеген, ойдон кетпеген, эстен чыкпаган; **жива́я оби́да** эстен чыкпаган ыза; **живо́е воспомина́ние** эсте турган окуя; ◇ **жива́я бесе́да** кызуу аңгеме; **живо́й вес** тирүүлөй салмагы; **жива́я ра́на** айыга элек жара; **живо́е преда́ние** эл арасында оозеки айтылып келаткан окуя; **жива́я и́згородь** тигилген бак-дарактуу тосмо; **живо́й уголо́к** жаныбарлар бурчу; **жива́я приро́да** жандуу жаратылыш (*өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү*); **живы́е цветы́** чыныгы гүлдөр; **живы́е карти́ны** жандуу картиналар (*сөзсүз жана аракетсиз сахна көрүнүшү*); **жива́я вода́** *фольк.* мүрөктүн суусу; **живо́й портре́т** окшош; союп каптагандай; дал эле өзү; **живо́го ме́ста нет** бир тырнактай соо жери жок; **на живу́ю ни́тку** 1) көктөй салып; 2) *перен.* ары-бери кыла салып; **ни одно́й живо́й души́** бир жан жок; **заде́ть за живо́е** кычыгына тийүү; **живо́й язы́к** оозеки тил; **ни жив ни мёртв** селдейип; селейген бойдон.

**ЖИВОПИ'СЕЦ** *м.* живописец (*боёк менен сүрөт тартуучу художник*).

**ЖИВОПИ'СНОСТЬ** *ж.* кооздук, көркөмдүк.

**ЖИВОПИ'СНЫЙ,** -ая, -ое 1. **живопись**-*ге т.*; 2. кооз, көркөм; **живопи́сная ме́стность** кооз жер.

**ЖИ'ВОПИСЬ** *ж.* 1. живопись (*боёк менен сүрөт тартуу искусствосу*); **уро́ки жи́вописи** живопись сабактары; 2. *собир.* боёк менен тартылган сүрөттөр.

**ЖИВОРЫ'БНЫЙ,** -ая, -ое: **живоры́бный садо́к** тирүү балык сактоо үчүн жасалган көлмө.

**ЖИ'ВОСТЬ** *ж.* 1. (*оживлённость, подвижность*) жандуулук, шамдагайлык, ойноктук, ылдамдык; **с жи́востью** ылдамдык менен, тездик менен; 2. (*лёгкость, занимательность*) кызыктуулук; **жи́вость описа́ния** сүрөттөп жазуунун кызыктуулугу.

**ЖИВО'Т** *м.* 1. ич, курсак; **живо́т боли́т** ич ооруйт; 2. *уст.* (*жизнь*) жан, өмүр; **не жале́ть живота́** жан аябай; **не на живо́т, а на́ смерть** жанын оозуна тиштеп; ◇ **надорва́ть живо́т от сме́ха** *разг.* күлүп жатып боор катуу; **у меня́ живо́т подвело́** *разг.* өзөгүм карайып баратат; оозуман кара суу келип турат.

**ЖИВОТВО'РНЫЙ,** -ая, -ое кайрат берүүчү, жандандыруучу, чыйралтуучу, күчтөндүрүүчү.

**ЖИВОТНОВО'Д** *м.* малчы, мал чарбачы, мал өстүрүүчү.

**ЖИВОТНОВО'ДСТВО** *ср.* мал чарбачылык; **обще́ственное животново́дство** коомдук мал чарбачылык.

**ЖИВОТНОВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **животноводство**-*го т.*; **животново́дческий совхо́з** мал чарба совхозу.

**ЖИВО'ТНОЕ** *ср.* айбан, жаныбар; **дома́шние живо́тные** үй айбандары; **хи́щные живо́тные** жырткыч айбандар; **вью́чное живо́тное** жүк жүктөлүүчү мал (*унаа*); **копы́тное живо́тное** туяктуу айбан; **позвоно́чное живо́тное** омурткалуу айбан; **млекопита́ющее живо́тное** сүт эмүүчү айбан.

**ЖИВО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **животное**-*ге т.*; **живо́тный мир** айбандар дүйнөсү; **живо́тные жиры́** малдын майы; ◇ **живо́тный страх** эмне кылар айласын таппай коркуу; **живо́тный э́пос** *лит.* айбандар жөнүндөгү эпос.

**ЖИВОТРЕПЕ'ЩУЩИЙ,** -ая, -ее эң керектүү (*коомдун азыркы учурдагы турмушу үчүн эң зарыл*); **животрепе́щущий вопро́с** эң керектүү маселе.

**живу́, живёшь** *и т. д. наст. вр. от* **жить.**

**ЖИВУ'ЧЕСТЬ** *ж.* ит жандуулук, чыдамкайлык, сакталгычтык.

**ЖИВУ'ЧИЙ,** -ая, -ее ит жандуу, чыдамкай, жаны бек; **живу́чее расте́ние** туруштук бергич өсүмдүк.

**ЖИ'ВЧИК** *м.* 1. *разг.* (*о подвижном человеке*) жылпылдаган, тың киши; 2. *биол.* эркектик жыныс уругу.

**ЖИВЬЁМ** *нареч.* тирүүлөй, тирүү бойдон; **во́лка я взял живьём** мен карышкырды тирүүлөй кармап алдым.

**ЖИ'ДКИЙ,** -ая, -ое 1. *в разн. знач.* суюк; **жи́дкие тела́** *физ.* суюк телолор (*мис. суу*); **жи́дкий чай** суюк чай; **жи́дкая грязь** суюк ылай; **жи́дкий суп** суюк сорпо; **жи́дкое то́пливо** суюк отун (*мис. нефть, бензин ж. б.*); **жи́дкий во́здух** *физ.* суюк аба (*мис. төмөнкү температурада суюктукка айландырылган аба; техникада колдонулат*); 2.

www.bizdin.kg

**ЖИРОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *что, тех.* май аралаштыруу, майлоо; **2.** *с.-х.* күчүнүн баары боюна чыгуу (*өсүмдүк жөнүндө*).

**ЖИРОВИ'К** I *м. мед.* май шишик (*тери астындагы май шишик*).

**ЖИРОВИ'К** II *м. мин.* жировик (*кармаганда майланышып турган жумшак минерал*).

**ЖИРОВО'Й,** -ая, -ое **жир**-*ге т.*; майлуу, майы бар; **жировая опухоль** май шишик; **жировая промышленность** май чыгаруучу өнөр жай.

**ЖИРО'К** *м. уменьш.-ласк. от* **жир** май.

**ЖИРОМОЛО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое сүт да берип, этке да жароочу (*мал*).

**ЖИРООТЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* семирүү (*мис. малдын семириши; организмде май жыйноо процесси*).

**ЖИРОПО'Т** *м. тех.* май тер (*техникада колдонулуучу, койдун тер бездери менен май бездеринен чыгарылуучу зат*).

**ЖИРОПРИКА'З** *м. фин.* жироприказ (*банкта, сактык кассасында акчасы бар кишинин, өз карызын ошол мекеме аркылуу төлөө үчүн жазуу түрүндө берген буйругу*).

**ЖИРОСКО'П** *м. физ.* жироскоп (*эң бат айлануучу жана ар түрдүү абалда туруктуу турган чимирик прибор*).

**ЖИТЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое күндөлүк, күндөлүк турмушта болуучу, тиричиликтеги; **житейские дела и заботы** тиричилик иштери жана түйшүгү; ◇ **дело житейское!** *разг.* боло жүргөн иш да!, таң калардык эч нерсеси жок!

**ЖИ'ТЕЛЬ** *м.* туруучу, жашоочу (*киши*); **жители города** шаарда туруучулар.

**ЖИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **житель.**

**ЖИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* турган жер; **место жительства** турган жер; ◇ **вид на жительство** *уст.* бир жерде турууга укук бере турган документ.

**ЖИ'ТЕЛЬСТВОВАТЬ** *несов. уст.* бир жерде жашоо, бир жерде туруу (*киши*).

**ЖИ'ТНИЦА** *ж. уст.* кампа.

**ЖИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **жито**-*го т.*; **житный хлеб** аштыктан жасалган нан.

**ЖИ'ТО** *ср.* аштык, дан.

**ЖИТЬ** *несов.* **1.** жашоо, өмүр сүрүү; **жить зажиточно** оокаттуу жашоо; **жить безбедно** жокчулукту билбей жашоо; **жить беззаботно** камырабай жашоо; **жить на чужой счёт** бирөөнүн эсебинен жашоо; **2.** (*обитать*) туруу, жашап туруу, тиричилик кылуу; **он живёт во Фрунзе** ал Фрунзе шаарында турат; **я жил там три года** мен анда үч жыл тургганмын; **3.** *чем, на что* жашоо, күн көрүү, күн өткөрүү; **жить своим трудом** өз эмгеги менен жашоо; **4.** *кем-чем, перен.* жашоо, бир нерсеге берилүү; **жить надеждами** ушундай болот деген үмүт менен жашоо; ◇ **жил(и)-был(и)** бар экен, жок экен, болгон экен (*жөө жомоктордо*); **жить-поживать** жашап күн көрүү (*жөө жомоктордо*); **здорово живёшь** *разг.* эч кандай себепсиз.

**ЖИТЬЁ** *ср. разг.* **1.** (*существование*) жашоо, турмуш; **2.** (*проживание*) туруу; ◇ **житья нет** *разг.* күн жок; жашоо мүмкүн эмес; **житьё-бытьё** *разг.* турмуш-тиричилик, турмуш, ал-абал.

**ЖИ'ТЬСЯ** *несов. безл. кому* туруу, күн көрүү, тиричилик кылуу; **ему хорошо живётся** ал жакшы турат; **ему не живётся на одном месте** ал бир жерде тура албайт.

**жму, жмёшь** *и т. д. наст. вр. от* **жать** I.

**ЖМУ'РИТЬ** *несов.*: **жмурить глаза** көздү жүлжүйтүү, көздү сүзүү.

**ЖМУ'РИТЬСЯ** *несов.* жүлжүйтүү, сүзүү (*көздү*).

**ЖМУ'РКИ** *только мн.* көз таңмай (*оюн*).

**жмусь, жмёшься** *и т. д. наст. вр. от* **жаться.**

**ЖМЫХИ'** *мн.* күнжара.

**ЖМЫХОДРОБИ'ЛКА** *ж. с.-х.* күнжара майдалоочу машина.

**ЖНЕ'ЙКА** *ж.* оргуч машина, чапкыч машина.

**ЖНЕЦ** *м.* орокчу.

**ЖНЕЯ'** *женск. р. обл. к* **жнец.**

**ЖНИ'ВО** *ср. см.* **жнивьё.**

**ЖНИВЬЁ** *ср.* **1.** (*поле*) аңыз; **2.** (*солома*) пая, мая; **3.** (*время жатвы*) эгинди оруу-жыюу убагы.

**ЖНИ'ЦА** *женск. р. к* **жнец.**

**жну, жнёшь** *и т. д. наст. вр. от* **жать** II.

**ЖОКЕ'Й** *м. спорт.* жокей (*ат чабышта чапкан атка минүүчү маш киши*).

**ЖОМ** *м.* **1.** *тех.* (*пресс*) жом (*кыскыч, кыскыч пресс*); **маслобойный жом** кысып май чыгаруучу жом; **2.** (*остатки чего-л.*) жом (*чөбөгө, топ*); **свекловичный жом** кызылча жому.

**ЖОНГЛЁР** *м.* жонглёр (*бир нече нерсени бир жолу ыргытып жиберип, кайра тосуп алуучу шамдагай цирк артисти*).

**ЖОНГЛЁРСКИЙ,** -ая, -ое **жонглёр**-*го т.*

**ЖОНГЛЁРСТВО** *ср.* жонглёрдук өнөр.

**ЖОНГЛИ'РОВАТЬ** *несов. чем* жонглёрдук кылуу; **жонглировать словами** *перен.* сөз менен жонглёрдук кылуу (*фактыларды, сөздөрдү өз пайдасына ылайыктап айлакердик менен кыйыштырып айтуу*).

**ЖРАТЬ** *несов. что, разг.* тамакты лапылдатып көп ичүү, апылдатып сугунуу.

**ЖРЕ'БИЙ** *м.* **1.** жребий, кара көтөн; **бросить жребий** *или* **тянуть жребий** жребий кармоо, кара көтөн кармоо; **жребий пал на меня** жребий мага чыкты; **2.** *перен. уст.* (*участь*) тагдыр, таалай; ◇ **жребий брошен** болор иш болду, болору болду; айнымай жок.

**ЖРЕЦ** *м.* **1.** *рел.* жрец (*кечил; бутпарас дининдеги курбан чалуучу киши*); **2.** *перен.* жрец (*бир нерсеге жан-дили менен киришкен киши*); **жрец науки** илим жреци.

**ЖРЕ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **жрец** 1-*ге т.*

**ЖРИ'ЦА** *женск. р. к* **жрец** 1.

**ЖУ'ЖЕЛИЦА** *ж. зоол.* сасык коңуз.

**ЖУЖЖА'НИЕ** *ср.* зуулдоо, ызылдоо, дырылдоо, дыңылдоо.

**ЖУЖЖА'ТЬ** *несов.* зуулдоо, ызылдоо, дырылдоо, дыңылдоо; **жужжат комары** чиркейлер ызылдайт.

**ЖУК** *м.* коңуз; **майский жук** тампыс; **навозный жук** кык коңузу; **жук-олень** мүйүздүү коңуз.

**ЖУ'ЛИК** *м. разг.* **1.** (*мелкий вор*) жүлүк, ууру; **2.** (*плут, обманщик*) митаам, алдамчы.

**ЖУЛИКОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жүлүк чалыш, митаам чалыш.

**ЖУЛЬЁ** *ср. собир. разг.* жүлүктөр, митаамдар.

**ЖУ'ЛЬНИЧАТЬ** *несов. разг.* митаамдык кылуу, будамайлоо, алдоо.

**ЖУ'ЛЬНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **жулик**-*ке т.* митаам; **жульнические проделки** митаамдын кылык-жоруктары.

**ЖУ'ЛЬНИЧЕСТВО** *ср.* **1.** (*мелкое воровство*) жүлүктүк, уурулук; **2.** (*плутовство*) митаамдык, алдамчылык.

**ЖУ'ПЕЛ** *м.* коркуткуч, мокочо.

**ЖУРАВЛИ'НЫЙ,** -ая, -ое **журавль** 1-*ге т.*; **журавлиный клюв** турна тумшугу.

**ЖУРА'ВЛЬ** *м.* **1.** турна; **2.** (*у колодца*) кудуктан суу тартуучу шырык, шыргый, узун бакан; ◇ **журавль в небе** кысыр уйдун уузу.

**ЖУРИ'ТЬ** *несов. кого, разг.* жекирүү, зекүү, такуу, жемелөө.

**ЖУРНА'Л** *м.* **1.** журнал (*мезгил-мезгили менен чыгып туруучу китеп*); **литературный журнал** адабий журнал; **еженедельный журнал** жума сайын чыгуучу журнал; **2.** журнал (*жазуулар үчүн книга*); **классный журнал** класс журналы; **журнал заседаний** заседаниелер журналы; **путевой журнал** жол журналы; **3.** *бухг.* журнал (*күндөлүк акча операцияларынын жазуусу*).

**ЖУРНАЛИ'СТ** *м.* журналист (*журналистика менен иришүүчү адам*).

www.bizdin.kg

**ЖУРНАЛИ'СТИКА** *ж.* журналистика (1. *журналдарда жана газеталарда адабияттык-публицистикалык иш;* 2. *собир. мезгил-мезгили менен чыгып туруучу басма сөз*).

**ЖУРНАЛИ'СТКА** *женск. р. к* **журналист**; журналистка.

**ЖУРНА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **журнал**-*га т.*; **журнальная статья** журнал макаласы.

**ЖУРЧА'НИЕ** *ср.* шылдыроо, шырылдоо, шыркыроо; **журчание воды** суунун шылдыраганы.

**ЖУРЧА'ТЬ** *несов.* шылдыроо, шырылдоо, шыркыроо; **родник журчит** булак шылдырайт.

**ЖУ'ТКИЙ**, -ая, -ое 1. үрөй учуруучу, коркунуч туудуруучу; 2. *разг.* катуу; **жуткий холод** катуу суук.

**ЖУ'ТКО** 1. *безл. в знач. сказ.*: **мне стало жутко** менин үрөйүм учуп кетти; 2. *нареч. разг.* абдан, эң эле; **жутко много народу** кишилер эң эле көп.

**ЖУТЬ** *ж.* үрөй учуу, коркуу басуу; кут учуу; **меня жуть берёт** *разг.* мени коркуу басат.

**ЖУЧО'К** *м. уменьш. от* **жук** кичинекей коңуз.

**жую, жуёшь** *и т. д. наст. вр. от* **жевать**.

**ЖЮРИ'** *ср. нескл.* жюри (*көргөзмөлөргө, конкурстарга ж. б. сыйлык белгилөөчү адамдар тобу*).

# З

**ЗА** *предлог* 1. *с твор. п.* (*позади, по ту сторону*) артында, ары жагында, сыртында; **за рекой** өзөндүн ары жагында; **жить за городом** шаардын сыртында туруу; **за воротами** дарбазанын сыртында; **оказаться за бортом** *перен.* четте калуу, кеп-кеңештен чыгып калуу; 2. *с вин. п.* (*через, по ту сторону*) сыртына, четке, тышкары; **уехать за город** шаардын сыртына кетүү; **за ограду** тосмонун сыртына; **выкинуть за борт** *перен.* четке чыгаруу, сандан чыгаруу, кеп-кеңештен чыгаруу; **выбросить за окно** терезенин сыртына ыргытып таштоо; **за пределы города** шаардын сыртына; 3. *с твор. п.* (*возле, около, у*) жанында, -да; **сидеть за столом** столдун жанында отуруу; **стоять за станком** станокто (иштеп) туруу, станоктун жанында туруу; 4. *с вин. п.* (*около, вокруг*) -га; **сесть за рояль** (*ойноо үчүн*) роялга отуруу; **сесть за стол** столго отуруу; 5. *с твор. п.* (*во время чего-л.*) убагында, кезде; **за работой** иш убагында; **за уроками** сабак убагында; **за обедом** обед ичип жаткан кезде; **за шахматами** шахмат ойногон кезде; **за разговорами** сүйлөшүп жаткан убакта; 6. *с вин. п.* (*при глаголе «приняться», «взяться»*) -га; **взяться за работу** ишке киришүү; **приняться за учение** окууга киришүү; 7. *с вин. п.* (*в течение какого-л. срока, в продолжение*) ичинде, -дагы, -лык, -дын, -да; **эту работу можно сделать за час** бул ишти бир сааттын ичинде бүтүрүүгө болот; **за этот год мы уже перевыполнили производственный план** быйылкы жылдын өндүрүштүк планын биз ашыгы менен орундап койдук; **заработок за один месяц** бир айлык кызмат акы; **за период** учурда, мезгилде; **за один раз** бир жолкуда; 8. *с вин. п.* (*позднее; больше, сверх*) ооду, ашты; **уже за полночь** түн жарымы ооду; **ей далеко за сорок** анын жашы кыркттан капкачан ашкан; 9. *с твор. п.* (*позади, вслед, чередуясь*) соңунан, артынан, сайын; **один за другим** биринин артынан бири; **идите за мной** менин соңуман жүрүңүз; **день за днём** күн өткөн сайын; **читать книгу за книгой** китеп артынан китеп окуу; **шаг за шагом** кадам койгон сайын; **бежать за кем-либо** бирөөнүн соңунан чуркоо; **следовать за кем-чем-либо** бирөөнүн же бир нерсенин соңунан жүрүп отуруу; **охотиться за кем-чем-либо** бирөөнүн же бир нерсенин соңунан түшүү; 10. *с вин. п.* (*ради, в пользу чего-л.*) үчүн; **борьба за мир во всём мире** бүткүл дүйнөдөгү тынчтык үчүн күрөш; **сражаться за родину** родина үчүн салгылашуу; **голосовать за предложение** сунуш үчүн (сунушка кошула) добуш берүү; **кто за это предложение?** бул сунушту ким жактайт?; **пить за здоровье** саламаттык үчүн ичүү; 11. *с твор. п.* (*с какой-л. целью*) -га; **зайдите за мной** мага келе кетиңиз; **пойти за водой** сууга баруу; **послать за врачом** врачты чакырууга жиберүү; **стоять в очереди за билетами в театр** театрга билет алуу үчүн кезекте туруу; 12. *с вин. и твор. п.* (*по причине, вследствие*) -дан, үчүн, -дыктан, себептүү; **уважать за храбрость** эрдиги үчүн кадырлоо; **ценить за ум** акылы үчүн баалоо; **за истечением срока** мөөнөтү өткөндүктөн; **за недостатком времени** убакты жетишпегендиктен; **за ненадобностью** керек болбогондуктан; **за отсутствием улик** далили жоктуктан; 13. *с вин. п.* (*вместо кого-л., в качестве кого-л.*) ордуна; **работать за двоих** эки кишинин ордуна иштөө; **он работает за мастера** ал мастердин ордуна иштеп жатат; 14. *с твор. п.* (*в знач. предлога «с»*) -ган, -дуу; **письмо за подписью директора** директордун колу коюлган кат; **дело за номером таким-то** паландай номердүү иш; 15. *с вин. п.* (*на расстоянии*) алыс, ыраак; **находиться за десять километров от города** шаардан он километр алыс туруу; **за километр отсюда** мындан бир километр ыраак; 16. *с вин. п.* (*раньше на какое-л. время*) калганда, мурда; **за час до отхода поезда** поезд кетүүгө бир саат калганда; **за два дня до Октябрьских праздников** Октябрь майрамынан эки күн мурда; 17. *с вин. и твор. п.* (*указывает на лицо или предмет, на которые направлено действие*) -га, -ды, үчүн; **ухаживать за больным** оорулуу адамды багуу; **смотреть за детьми** балдарды кароо, балдарга көз салуу; **беспокоиться за детей** балдар үчүн кам саноо; **следить за мыслью** ойду байкап туруу; 18. *с вин. п.* (*указывает на лицо или предмет, к которому прикасаются при направлении на него действия*) -га, -дан, -ды; **вести за руку** колунан жетелөө; **держаться за перила моста** көпүрөнүн кырындагы (жээгиндеги) тосмону кармоо; **дёрнуть дверь за ручку** эшикти туткадан тартып коюу; 19. *с вин. п.* (*в обмен на что-л., по какой-л. цене*) -га; **за деньги** акчага; **за плату** акыга; **купить книгу за пять рублей** китепти беш сомго сатып алуу; 20. *с твор. п.* (*при обозначении лица, предмета, от которого зависит наступление какого-л. действия*) -да, -дан, -га, кийин; **дело за немногим** (иштин бүтүшү үчүн) аз эле нерсе керек; **очередь за вами** кезек сизде, кезек сиздики; **задержка за утверждением проекта** кечигүү проекттин бекитилбегенинен болуп жатат; 21. *с твор. п. разг.* (*при обозначении лица, которое должно уплатить, сделать что-л.*) -да, -га; **за вами сто рублей** сиздин мойнуңузда жүз сом бар; **за тобой ещё две книги** сенин мойнуңда дагы эки китеп бар; **запишите за мной** менин мойнума жазып коюңуз; 22. *с твор. п. разг.* (*при обозначении лица, обладающего каким-л. свойством*) -да, -дын; **за ним есть эта дурная привычка** анын ушундай жаман адаты бар; 23. *с вин. п.* (*при обозначении лица, предмета, по отношению к которому возникает какое-л. чувство*) үчүн; **мне стыдно за него** ал үчүн мен уялам; **я рад за вас** сиз үчүн мен кубандым; **мне больно за него** ал үчүн мен капа боломун, ал үчүн менин жаным кейийт; ◇ **выйти замуж за кого-либо** бирөөгө (күйөөгө) чыгуу; **быть за кем-либо** *или* **быть замужем за кем-либо** бирөөнүн аялы болуу; **ни за что** эч качан, эч бир; **за счёт кого-либо** бирөөнүн эсебинен; **за счёт чего-либо** бир нерсенин эсебинен; **за исключением** -дан бөлөгү, башкасы; **за и против** жактоо жана каршы туруу, жактагандар жана каршы болгондор; **что за безобразие!** бул эмне деген оңбогондук (тартипсиздик)!

www.bizdin.kg

**ЗА-** *приставка* 1. *төмөнкү маанидеги этиштерди уюштурат:* 1) *кыймыл-аракеттин башталышын; мис.* **заболе́ть** ооруу, ооруп калуу, ноокастоо, сыркоолоо; 2) *кыймыл-аракеттин белгилүү мейкиндиктен ары таралышын; мис.* **заéхать** өтүп кетүү; 3) *«ся» бөлүкчөсү менен же ансыз — кыймыл-аракеттин эң четки даражага жеткирилишин; мис.* **закорми́ть** тамакка ашыра тойгузуу; 4) *этиштин бүткөн түрүн ага түура келүүчү этиштин бүтпөгөн түрүнүн маанисине ылайык; мис.* **загримирова́ть** гримдөө; 2. *«бир нерсенин ары жагындагы» деген маанидеги зат жана сын атоочторду уюштурат; мис.* **Закавка́зье** Закавказье.

**ЗААЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать алеть*) кызара баштоо, мала кызылдана баштоо; 2. (*показаться — об алом*) кызарып көрүнүү, мала кызыланып көрүнүү; **в листве́ заале́ли гро́здья ряби́ны** четиндин ашы жалбырактардын арасынан кызарып көрүнө баштады.

**ЗААПЛОДИ'РОВАТЬ** *сов. кому-чему* кол чаба баштоо.

**ЗААРКА'НИТЬ** *сов. кого, разг.* аркан менен кармоо; **заарка́нить ло́шадь** атты аркан менен кармоо.

**ЗААРТА'ЧИТЬСЯ** *сов. разг.* кежендей баштоо (*начать артачиться*); кежирленүү, кыйыктануу; **ло́шадь зaaрта́чилась и ни с мéста** ат кежендей баштап, турган ордунан жылбай койду.

**ЗААТЛАНТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое Атлантиканын ары жагындагы; **заатланти́ческие стра́ны** Атлантиканын ары жагындагы өлкөлөр.

**ЗАА'ХАТЬ** *сов. разг.* кокуйлай баштоо, «бали-и» дей баштоо, «э-эй» дей баштоо.

**ЗАБА'ВА** *ж.* 1. (*развлечение, игра*) оюн-тамаша; **дéтские заба́вы** балдардын оюн-тамашасы; 2. (*несерьёзное занятие*) эрмек, оюн, тамаша; **пуста́я заба́ва** куру эрмек, куру тамаша.

**ЗАБАВЛЯ'ТЬ** *несов. кого* 1. (*развлекать*) оюн-тамашага кызыктыруу; **забавля́ть детéй и́грами** оюн-тамаша менен балдардын жарпын жазуу, балдарды ойнотуу; 2. (*быть предметом насмешек*) шылдың болуп көрүнүү.

**ЗАБАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *кем-чем* (*развлекаться*) эриккенди жазуу; **забавля́ться и́грами** ойноп, эриккенди жазуу; 2. (*веселиться*) тамаша кылуу.

**ЗАБА'ВНИК** *м. разг.* куудул, тамашакөй.

**ЗАБА'ВНО** 1. *нареч.* кызык; **он заба́вно расска́зывает** ал кызык айтат; 2. *безл. в знач. сказ. кому* кызык; **емý заба́вно** ал үчүн кызык.

**ЗАБА'ВНЫЙ,** -ая, -ое кызык, тамашалуу; **заба́вный слу́чай** кызык окуя.

**ЗАБАЛЛОТИ'РОВАТЬ** *сов. кого* шайлабай коюу, шайлоодо өткөрбөй салуу (*кандидатурасы көрсөтүлгөн кишини шайлоодо өткөрбөй салуу*).

**ЗАБА'ЛТЫВАТЬ** *несов. что* аралаштырып туруу.

**ЗАБАРАБА'НИТЬ** *сов.* 1. (*застучать*) тарсылдата баштоо, ургулай баштоо, тырсылдата баштоо; дабырата баштоо; **дождь забараба́нил по кры́ше** жаан үйдүн төбөсүн дабырата баштады; **он забараба́нил па́льцами по́ столу** ал бармактары менен столду тарсылдата баштады; 2. *разг.* (*на рояле*) каңгырата баштоо.

**ЗАБАРРИКАДИ'РОВАТЬ** *сов. что* баррикада жасоо, баррикада куруу (*тосмо жасоо, далдалоо, калкалоо*).

**ЗАБАРРИКАДИ'РОВАТЬСЯ** *сов.* баррикада куруп алуу (*далдалануу, калкалануу*).

**ЗАБАСТОВА'ТЬ** *сов.* забастовка чыгаруу, иш таштоо.

**ЗАБАСТО'ВКА** *ж.* забастовка; **полити́ческая забасто́вка** саясий забастовка; **экономи́ческая забасто́вка** экономикалык забастовка; **забасто́вка солида́рности** тилектештик забастовкасы; **всеóбщая забасто́вка** жалпы забастовка; **объяви́ть забасто́вку** забастовка жарыялоо; **присоедини́ться к забасто́вке** забастовкага кошулуу.

**ЗАБАСТО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **забастовка**-*га т.*; забастовкалык; **забасто́вочный комитéт** забастовкалык комитет, забастовка комитети.

**ЗАБАСТО'ВЩИК** *м.* забастовщик, забастовкачы.

**ЗАБВЕ'НИЕ** *ср.* унуткаруу; **преда́ть** *что-л.* **забвéнию** *бир нерсени* биротоло унуткарып таштоо (*эстен чыксын деп эсептөө*).

**ЗАБЕ'Г** *м. спорт.* жарыш, жарышуу, чуркоо; **забéг на четы́реста мéтров** төрт жүз метр жерге жарышуу (чуркоо).

**ЗАБЕ'ГАТЬ** *сов.* 1. аркы-терки жүгүрө баштоо, топурап чуркоо; 2. *перен.* (*о глазах, о взгляде*) жал-жал кароо, аландоо; **глаза́ егó труслúво забéгали** анын көзү аландай түштү.

**ЗАБЕГА'ТЬ** *несов. см.* **забежа́ть; забега́ть вперёд** 1) аша чабуу, шашуу, ашыгуу; 2) *перен.* озунуп өтө чабуу.

**ЗАБЕ'ГАТЬСЯ** *сов. разг.* зоругуу, жүгүрө берип чарчоо.

**ЗАБЕЖА'ТЬ** *сов.* 1. (*убежать далеко*) алыс кетүү; 2. *разг.* (*зайти мимоходом*) кире кетүү, кире келүү; **забежа́ть к знако́мым** тааныштарга кире кетүү (келүү).

**ЗАБЕЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать белеть*) агара баштоо; 2. (*показаться — о белом*) агарып көрүнө баштоо.

**ЗАБЕЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*покрыть белой краской*) ак боёк менен боео; актоо, агартуу (*известью*); 2. *разг.* (*напр. щи*) катыктоо.

**ЗАБЕРЕ'МЕНЕТЬ** *сов.* боозуу, бойго бүтүү, боюна бүтүп калуу.

**ЗАБЕСПОКО'ИТЬСЯ** *сов.* тынчсыздана баштоо, тынчы кете баштоо.

**ЗАБЕТОНИ'РОВАТЬ** *сов. что* бетондоо, бетон менен уютуу.

**ЗАБИВА'ТЬ** *несов. см.* **заби́ть** 2—4, 7, 8.

**ЗАБИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **заби́ться** 2, 3; 2. *страд. к* **забива́ть.**

**ЗАБИ'ВКА** *ж.* кагуу, кагып киргизүү; **заби́вка сва́й** сваяны кагуу, сваяны кагып киргизүү.

**ЗАБИНТО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **забинтова́ть;** 2. *прил.* бинттелген, бинт менен таңылган; **забинто́ванная рука́** бинт менен таңылган кол.

**ЗАБИНТОВА'ТЬ** *сов. кого-что* бинттөө, бинт менен ороп таңуу; **забинтова́ть ра́ну** жараны бинт менен ороп таңуу.

**ЗАБИНТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **забинтова́ть.**

**ЗАБИРА'ТЬ** *несов. см.* **забра́ть.**

**ЗАБИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **забра́ться;** 2. *страд. к* **забира́ть.**

**ЗАБИ'ТОСТЬ** *ж.* басырынгандык, согулуп калгандык, жүдөгөндүк.

**ЗАБИ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **заби́ть;** 2. *прил.* (*запуганный, отупелый*) коркуп калган, ындыны өчкөн, азап чегип жүдөгөн.

**ЗАБИ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать бить*) сого баштоо, кага баштоо; **заби́ли бараба́ны** барабан сого баштады; 2. *что* (*вбить*) кагуу; **заби́ть гвоздь** мык кагуу; **заби́ть кол** казык кагуу; 3. *что* бекитүү, бүтөө (*заделать*); чымкый жабуу, жаап салуу (*наглухо закрыть*); **заби́ть щéли** тешиктерди, жаракаларды бекитүү (бүтөө); **заби́ть окно́ до́сками** терезени тактай менен бүтөп салуу; 4. *что* (*заполнить до отказа*) жык толтуруу; **заби́ть сара́й дрова́ми** сарайга отунду жык толтуруу; 5. *кого* (*замучить побоями*) сабап кыйноо, уруп кыйноо; 6. (*начать бить струёй*) оргуй баштоо, атырыла баштоо; **из сква́жины заби́ла нефть** жердеги скважинадан нефть атырыла баштады; 7. *кого, разг.* (*превзойти в чём-л.*) өтүп кетүү, жеңип чыгуу; 8. *что, спорт.* (*загнать*) киирүү; **заби́ть мяч в воро́та** топту дарбазага тээп *же* уруп киирүү; **заби́ть шар в у́гол** шарды бурчка уруп киирүү; 9. *кого* (*убить на бойне*) союу; **заби́ть сто голо́в скота́** жүз баш малды союу; ◇ **заби́ть го́лову** *кому-л.* керексиз нерсе менен *бирөөнүн* башын катыруу; **заби́ть себé в го́лову** ушундай болуу керек деп эле, туруп алуу; **заби́ть трево́гу** тревога чуу көтөрүү.

www.bizdin.kg

**ЗАБРИВА'ТЬ** *несов. см.* **забрить.**

**ЗАБРИ'ТЬ** *сов.*: **забрить** *кого-л. или* **забрить лоб** *кому-л. уст.* солдатка алуу (*падышалык Россияда — солдатка ынар замат, алардын чачын алышкан*).

**ЗАБРОДИ'ТЬ** *сов.* (*напр. о вине*) кыжылдай баштоо; ачый баштоо.

**ЗАБРОНИ'РОВАТЬ** *сов. что* бронялоо (*сактоо; арнап ыктап коюу*).

**ЗАБРОНИРОВА'ТЬ** *сов. что, тех.* бронялоо (*броня менен каптоо*).

**ЗАБРО'С** *м.*: **в забросе** *разг.* кароосуз, ээн калган.

**ЗАБРОСА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*осыпать*) чачуу, үстү-үстүнө ыргытуу; **героя забросали цветами** баатырга гүлдү үстү-үстүнө ыргытышты; **забросать камнями** 1) таш жаадыруу, таш ыргытуу; 2) *перен.* жамандоо; **забросать** *кого-л.* **грязью** *перен. бирөөнү* жалган жеринен каралоо, *бирөөгө* жалган жалаа жабуу; **забросать вопросами** суроо жаадыруу; **2.** (*заполнить*) толгуруп салуу; **забросать яму песком** чукурга кум толтуруп салуу.

**ЗАБРО'СИТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*бросить далеко*) ыргытып жиберүү; **забросить мяч в сад** топту бакка ыргытып жиберүү; **2.** *что, разг.* (*затерять*) жоготуп коюу; **я забросил куда-то ключи** мен ачкычты кайдадыр жоготуп койдум; **3.** *кого-что, перен.* (*перестать заниматься чем-л.*) таштап коюу; **забросить хозяйство** чарбаны таштап коюу; **забросить музыку** музыканы таштап коюу; **4.** *кого-что, разг.* (*доставить, завезти*) жеткирүү.

**ЗАБРО'ШЕННОСТЬ** *ж.* кароосуз калгандык, ээн калгандык.

**ЗАБРО'ШЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **забросить; 2.** *прил.* кароосуз калган, ээн калган; **заброшенный сад** кароосуз калган бак; **заброшенный ребёнок** кароосуз калган бала; **заброшенный дом** ээн калган үй.

**ЗАБРЫ'ЗГАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **забрызгать; 2.** *прил.* чачыратылган, *бир нерсе менен* булганган (*мис. ылай менен*).

**ЗАБРЫ'ЗГАТЬ** *сов.* **1.** (*начать брызгать*) чачырата баштоо, себээлей баштоо, бүркө баштоо; **забрызгал дождь** жаан себээлей баштады; **2.** *кого-что* (*покрыть брызгами*) жаба чачыратуу; **забрызгать грязью** үстүнө ылай чачыратуу.

**ЗАБРЫ'ЗГИВАТЬ** *несов. см.* **забрызгать 2.**

**ЗАБУБЁННЫЙ,** -ая, -ое: **забубённая головушка** *разг.* от кечер, опсуз кайраттуу киши.

**ЗАБУЛДЫ'ГА** *м. разг.* аракеч, обу жок ичкич.

**ЗАБУРЛИ'ТЬ** *сов.* шарылдай баштоо, шаркырай баштоо, *буркан-шаркан түшө баштоо;* **забурлило море** деңиз буркан-шаркан түшө баштады.

**ЗАБУРЧА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** күңкүлдөө, кобуроо; **он что-то забурчал себе под нос** ал күңкүлдөп, өзүнчө бирдеме деди; **2.** *чаще безл.* (*в желудке*) куруулдоо, кулдуроо.

**ЗАБУТИ'ТЬ** *сов. что* бут (таш) төшөө (*мис. фундаменттин астына*).

**ЗАБУ'ХАТЬ** *сов. разг.* күрс эте баштоо, күрсүлдөй баштоо; **забухали пушки** замбиректер күрсүлдөй баштады.

**ЗАБУХА'ТЬ** *несов. см.* **забухнуть.**

**ЗАБУ'ХНУТЬ** *сов.* көөп калуу, көбүү, көөп чыгуу; **рамы от дождя забухли** рамалар жаандан көөп калды.

**ЗАБУШЕВА'ТЬ** *сов.* **1.** күүлдөй баштоо, дуулдай баштоо (*о ветре*); алай-дүлөй түшө баштоо (*о метели*); алоолоно баштоо (*о пламени*); **ветер снова забушевал** шамал кайрадан дуулдай баштады; **2.** *перен.* долулана баштоо, чамына баштоо, жаалдана баштоо.

**ЗАБЫВА'ТЬ** *несов. см.* **забыть.**

**ЗАБЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **забыться; 2.** (*терять ясность ума*) унутчаак боло баштоо; **дед от старости стал забываться** чоң ата карыгандыгынан унутчаак боло баштады; **3.** *страд. к* **забывать.**

**ЗАБЫ'ВЧИВОСТЬ** *ж.* унутчаак болгондук; **по забывчивости** унутчаак болуп калгандыктан.

**ЗАБЫ'ВЧИВЫЙ,** -ая, -ое унутчаак.

**ЗАБЫ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **забыть; 2.** *прил.* унутулуп калган, таштанды болгон; эскирген; **он собрал забытые народные песни** ал унутулуп калган эл ырларын жыйнаптыр.

**ЗАБЫ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что, о ком-чём* (*перестать помнить*) эстен чыгарып коюу, унутуу, унутуп калуу; **забыть номер квартиры** квартиранын номерин эстен чыгарып коюу; **2.** *кого-что* унутуп салуу, унутуп таштоо; **я забыл книгу дома** мен китепти үйдө унутуп салыпмын; **я забыл закрыть дверь** мен эшикти жабууну унутуп коюптурмун; ◇ **и думать забудь!** аны ойлобой эле кой!; **себя не забыть** өз пайдасын унутпоо.

**ЗАБЫТЬЁ** *ср.* **1.** (*беспамятство*) эси оош, эсинен тануу; **больной впал в забытьё** сыркоо кишинин эси ооп кетти; **2.** (*дремота*) үргүлөө, уйкусуроо.

**ЗАБЫ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*впасть в беспамятство*) эси оол калуу, эстен тануу; **больной забылся** оору киши эсинен танды; **2.** (*задремать*) үргүлөө, уйкусуроо; **3.** (*замечтаться*) кыялга батуу; **4.** (*отвлечься*) алагды болуу; **он делает это, чтобы забыться** ал муну алагды болуш үчүн иштеп жатат; **5.** *разг.* (*перейти границы дозволенного*) чектен чыгуу; **он так забылся, что стал грубить** ал өтө эле чектен чыгып, орой болуп кетти; **6.** *страд. к* **забыть.**

**ЗАВ** *м. разг. см.* **заведующий.**

**ЗАВА'Л** *м.* ширенди, шиленди; **снежный завал** кар ширендиси.

**ЗАВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **завалить.**

**ЗАВА'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **завалиться; 2.** *страд. к* **заваливать.**

**ЗАВА'ЛИНКА** *ж.* үйдүн түбүнө айландыра төгүлгөн топурак.

**ЗАВАЛИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*засыпать*) көөмп салуу; **завалить яму** чукурду көөмп салуу; **2.** *кого-что* (*засыпать сверху*) басып калуу; **путника в горах завалило обвалом** жолоочуну тоодо көчкү басып калды; **3.** *что* (*загромоздить, набросать*) толтуруу; **завалить двор мусором** короону акыр-чикирге толтуруу; **4.** *что, перен.* (*переполнить*) үйүү, үйүп салуу; **завалить магазины товарами** дүкөндөргө товарды үйүп салуу; **5.** *кого* (*обременить*) ашыра жүктөө, бастырып салуу; **завалить срочной работой** шашылыш иштерди ашыра жүктөө, шашылыш иштерди үстүнө үйүп салуу; **6.** *что, перен. прост.* (*провалить*) бүлдүрүү; **завалить дело** ишти бүлдүрүү.

**ЗАВАЛИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*упасть за что-л.*) түшүп калуу; **книга завалилась за полку** китеп текченин артына түшүп кетти; **2.** *разг.* (*лечь, улечься*) жатып калуу, жантая кетүү; **завалиться спать** жатып алып уктай кетүү.

**ЗА'ВАЛЬ** *ж. собир. разг.* сатылбай, үйүлүп жата берип, бузулган товар.

**ЗАВАЛЯ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*залежаться*) жата берүү; **2.** (*остаться непроданным*) сатылбай калуу.

**ЗАВАЛЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее *разг.* жаман, керекке жараксыз.

**ЗАВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **заварить.**

**ЗАВА'РИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **завариться; 2.** *страд. к* **заваривать.**

**ЗАВАРИ'ТЬ** *сов. что* **1.** демдөө; **заварить чай** чай демдөө, чай салуу; **2.** *тех.* ширетүү; ◇ **заварить кашу** *разг.* чатактуу бир ишти баштап салуу, ишти бүлдүрүү.

**ЗАВАРИ'ТЬСЯ** *сов.* демделүү; **чай заварился** чай демделди; ◇ **заварилось дело** *разг.* чатак иш башталды.

**ЗАВА'РКА** *ж.* **1.** (*действие*) демдөө; **2.** (*щепотка*) кайнатым; **чаю осталось на одну заварку** бир кайнатым чай калды; **3.** *тех.* (*литьё*) ширөө.

**ЗАВАРНО'Й,** -ая, -ое кайнатма, демдеме, кайнатылган, бышырылган, кайнак суугa жуурулган; **заварной хлеб** кайнак суугa жуурулган камырдан бышкан нан.

www.bizdin.kg

**ЗАВИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **завиться**; 2. (*виться*) тармалдануу; **во́лосы у неё завива́ются** анын чачы тармалданып турат; 3. *страд. к* **завива́ть**.

**ЗАВИ'ВКА** *ж.* тармалдоо; **холо́дная зави́вка** чачты муздак тармалдоо; **шестиме́сячная зави́вка** алты айлык кылып тармалдоо.

**ЗАВИ'ДЕТЬ** *сов. кого-что, разг.* алыстан көрүп калуу.

**ЗАВИ'ДНО** 1. *нареч.* суктанардык (*мыкты*); **он зави́дно здоро́в** анын саламаттыгы суктанардык; 2. *безл. в знач. сказ. кому* ич күйөрлүк; **ему́ зави́дно** анын ичи күйүп атат.

**ЗАВИ'ДНЫЙ**, -ая, -ое суктанардык, суктанышка татырлык, ич күйөрлүк (*мыкты, сонун*); **зави́дное здоро́вье** суктанардык ден соолук; **зави́дная у́часть** суктанардык тагдыр.

**ЗАВИ'ДОВАТЬ** *несов. кому-чему* суктануу, көрө албоо, ич күйүү.

**ЗАВИЗЖА'ТЬ** *сов.* чыңыра баштоо, кыңшылай баштоо, каңкылдоо, чаңылдоо.

**ЗАВИЗИ'РОВАТЬ** *сов. что* визалоо, виза коюу.

**ЗАВИЛЯ'ТЬ** *сов. чем* 1. булгалай баштоо, шыйпактай баштоо, жалпаңдай баштоо; 2. *перен. разг.* култулдай баштоо, тайсалдай баштоо.

**ЗАВИНТИ'ТЬ** *сов. что* бурап киийрүү, бурап бекитүү; **завинти́ть га́йку** гайканы бурап бекитүү.

**ЗАВИНТИ'ТЬСЯ** *сов.* буралып бекүү; **га́йка хорошо́ завинти́лась** гайка буралып жакшы бекиди.

**ЗАВИ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **завинти́ть**.

**ЗАВИ'НЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **завинти́ться**; 2. *страд. к* **зави́нчивать**.

**ЗАВИРА'ТЬСЯ** *несов. см.* **завра́ться**.

**ЗАВИ'СЕТЬ** *несов. от кого-чего* 1. (*быть обусловленным*) байланыштуу болуу; **успе́х де́ла зави́сит от нас са́мих** иштин ийгилиги биздин өзүбүзгө байланыштуу; **он сде́лал всё, что от него́ зави́село** ал колунан келгендин бардыгын кылды; 2. (*находиться в подчинении*) багынычтуу болуу, көз каранды болуу.

**ЗАВИ'СИМОСТЬ** *ж.* багынычтуулук, көз карандылык; **находи́ться в по́лной зави́симости** *от кого-л.* *бирөөгө* толук көз каранды болуу; **крепостна́я зави́симость** *ист.* крепостнойлук көз карандылык; ◇ **в зави́симости от обстоя́тельств** шартка жараша.

**ЗАВИ'СИМЫЙ**, -ая, -ое караштуу, көз каранды болгон; **зави́симое положе́ние** көз каранды абал; **зави́симые стра́ны** көз каранды өлкөлөр.

**ЗАВИ'СТЛИВО** *нареч.* көрө албай, ич күйдүлүк менен; ач көздөнүп; **зави́стливо смотре́ть** *на что-л.* *бир нерсеге* ач көздөнүп кароо.

**ЗАВИ'СТЛИВОСТЬ** *ж.* көрө албоочулук, ич күйдүлүк, ач көздүк.

**ЗАВИ'СТЛИВЫЙ**, -ая, -ое көрө албас, ич күйдү, ач көз; **зави́стливые взгля́ды** көрө албастык менен кароо.

**ЗАВИ'СТНИК** *м.* көрө албас, ичи тар.

**ЗАВИ'СТНИЦА** *женск. р. к* **зави́стник**.

**ЗА'ВИСТЬ** *ж.* көрө албоо, ичи тардык, кызгануу; **возбужда́ть за́висть** *в ком-л.* *бирөөнүн* көрө албастыгын козгоо.

**ЗАВИТО'Й**, -а́я, -о́е тармалданган; **завиты́е во́лосы** тармалданган чач.

**ЗАВИТО'К** *м.* 1. (*локон*) чачтын бир тармалы, быжыгыр; 2. (*у растений*) мурут, чылбыр.

**ЗАВИТУ'ШКА** *ж.* 1. *см.* **завито́к**; 2. *разг.* (*в письме*) кайырмакча; **у него́ по́черк с завиту́шками** анын жазган ариптеринин кайырмакчалары бар.

**ЗАВИ'ТЬ** *сов. что* тармалдоо; **зави́ть во́лосы** чачты тармалдоо.

**ЗАВИ'ТЬСЯ** *сов.* тармалдаттыруу, тармалдантуу; **зави́ться у парикма́хера** чач тарачка барып тармалдаттыруу.

**ЗАВИХРЕ'НИЕ** *ср. физ.* бурганактап тегеренүү.

**ЗАВКО'М** *м.* (заво́дский комите́т) завком (заводдук комитет, завод комитети).

**ЗАВЛАДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **завладе́ть**.

**ЗАВЛАДЕ'ТЬ** *сов. кем-чем* 1. (*захватить*) ээлеп алуу, басып алуу, менчиктеп алуу; **завладе́ть чужи́м иму́ществом** бирөөнүн мал-мүлкүн ээлеп алуу; **завладе́ть неприя́тельской кре́постью** душмандын крепостун ээлеп алуу; 2. *перен.* (*подчинить себе, увлечь*) багынтуу, өзүнө тартып алуу; **завладе́ть** *чьим-л.* **внима́нием** *бирөөнүн* көңүлүн өзүнө тартып алуу.

**ЗАВЛЕКА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *разг.* кызык, кызыктыруучу; **завлека́тельная кни́жка** кызык китеп.

**ЗАВЛЕКА'ТЬ** *несов. см.* **завле́чь**.

**ЗАВЛЕ'ЧЬ** *сов. кого-что* 1. (*заманить*) азгыруу, ээликтирүү, ээлентүү; **завле́чь ще́дрыми обеща́ниями** убаданы көп берип, азгырып алуу; 2. (*увлечь, соблазнить*) кызыктыруу, делебесин козгоо.

**ЗАВО'Д** I *м.* 1. завод; **машинострои́тельный заво́д** машина жасоочу завод; **авиацио́нный заво́д** авиациялык завод; **автомоби́льный заво́д** автомобиль заводу; **тра́кторный заво́д** трактор заводу; **хими́ческий заво́д** химиялык завод; **кирпи́чный заво́д** кирпич заводу; **лесопи́льный заво́д** тактай тилүүчү завод; **стеко́льный заво́д** айнек заводу; **коже́венный заво́д** булгаары заводу; 2. завод, зоот; **ко́нский (ко́нный) заво́д** жылкы заводу, жылкы зооту.

**ЗАВО'Д** II *м.* 1. (*действие*) буроо, буралуу; 2. (*приспособление в механизме*) бурама; **у часо́в испо́ртился заво́д** сааттын бурамасы бузулуп калды; ◇ **у нас э́того и в заво́де нет** *разг.* мындай неме бизде болбойт.

**ЗАВОДИ'ЛА** *м. прост.* уюштуруучу, баштоочу, демилгечи.

**ЗАВОДИ'ТЬ** I *несов. см.* **завести́** I.

**ЗАВОДИ'ТЬ** II *несов. см.* **завести́** II.

**ЗАВОДИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **завести́сь**; 2. *страд. к* **заводи́ть** I, II.

**ЗАВО'ДКА** *ж. см.* **заво́д** II 1.

**ЗАВОДНО'Й**, -а́я, -о́е буралма, буралуучу, бурoолуу; **заводна́я игру́шка** буроолуу оюнчук.

**ЗАВОДОУПРАВЛЕ'НИЕ** *ср.* завод башкармасы.

**ЗАВО'ДСКИЙ**, -ая, -ое **завод** 1-*ге т.*; заводдук; **заво́дский комите́т** завод комитети, заводдук комитет.

**ЗАВОДСКО'Й**, -а́я, -о́е *см.* **заво́дский**.

**ЗАВО'ДЧИК** *м. уст.* заводчу (*завод ээси*).

**ЗА'ВОДЬ** *ж.* агын суунун булуңу.

**ЗАВОЕВА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жеңип алуу, согушуп тартып алуу; 2. *чаще мн., перен.* (*достижение*) жеңиш, жетишкендик; **вели́кие завоева́ния социали́зма** социализмдин улуу жеңиштери.

**ЗАВОЕВА'ТЕЛЬ** *м.* жеңип алуучу, басып алуучу.

**ЗАВОЕВА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **завоева́тель**.

**ЗАВОЕВА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жеңип алуучулук, басып алуучулук.

**ЗАВОЕВА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жеңип алуу (*согушта*); **завоева́ть страну́** бир өлкөнү жеңип алуу; 2. *перен.* (*добиться*) жетүү, ээ болуу; **завоева́ть побе́ду** жеңишке ээ болуу; **завоева́ть свобо́ду** боштондукка жетүү; **завоева́ть дове́рие** ишеничине ээ болуу; **завоева́ть изве́стность** атакка жетишүү.

**ЗАВОЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **завоева́ть**.

**ЗАВО'З** *м.* 1. жеткирүү; **заво́з горю́чего** күйүүчү майларды жеткирүү; 2. *ком.* (*завезённые товары*) жеткирилген товарлар.

**ЗАВОЗИ'ТЬ** *несов. см.* **завезти́**.

**ЗАВОЗИ'ТЬСЯ** I *сов. разг.* (*начать возиться*) алпуруша баштоо, аракеттене баштоо.

**ЗАВОЗИ'ТЬСЯ** II *несов. страд. к* **завози́ть**.

**ЗАВО'ЗНЫЙ**, -ая, -ое башка жактан алып келинген (*мис. товар*).

**ЗАВОЛА'КИВАТЬ** *несов. см.* **заволо́чь**.

www.bizdin.kg

**ЗАВОЛА´КИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **заволо́чься;** 2. *страд.* *к* **завола́кивать.**

**ЗАВО´ЛЖСКИЙ,** -ая, -ое заволжьелик (*Волганын ары жагындагы*).

**ЗАВОЛНОВА´ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о море*) толкуй баштоо, толкундай баштоо; 2. *перен.* (*забеспокоиться*) тынчсыздануу, сабырсыздануу.

**ЗАВОЛО´ЧЬ** *сов. что* курчоо, ороп алуу, толуу, каптaлуу; **ту́чи заволокли́ не́бо** булут асманды каптап калды; **не́бо заволокло́ ту́чами** асман булут менен капталды; **глаза́ заволокло́ слеза́ми** көзгө жаш толду.

**ЗАВОЛО´ЧЬСЯ** *сов.* курчануу, оронуу; **не́бо заволокло́сь ту́чами** асман булутка оронду.

**ЗАВОПИ´ТЬ** *сов. разг.* кыйкыра баштоо, өкүрө баштоо, кокуйлай баштоо.

**ЗАВОРА´ЖИВАТЬ** *несов. см.* **заворожи́ть.**

**ЗАВОРА´ЧИВАТЬ** I *несов. см.* **заверну́ть.**

**ЗАВОРА´ЧИВАТЬ** II *несов. см.* **заворoти́ть.**

**ЗАВОРА´ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **заверну́ться;** 2. *страд.* *к* **завора́чивать** II (*см.* **заворoти́ть** 2).

**ЗАВОРКОВА´ТЬ** *сов.* 1. күркүлдөй баштоо, күрүлдөй баштоо; **го́луби заворкова́ли** көгүчкөндөр күркүлдөй баштады; 2. *перен.* чечилишип сүйлөшүү.

**ЗАВОРОЖИ´ТЬ** *сов. кого-что* 1. *уст.* (*заколдовать*) арбоо, дарымдоо; 2. *перен.* (*очаровать*) суктантуу, кызыктыруу, көйүтүү.

**ЗА´ВОРОТ** *м.*: **за́ворот кишо́к** *мед.* ичеги түйүлүү.

**ЗАВОРОТИ´ТЬ** *сов. разг.* 1. (*изменить направление*) буруу, кайруу; **заворoти́ть наза́д** артка буруу, кайра кайруу; 2. *что* (*загнуть, отвернуть*) бүктөө, түрүү; **заворoти́ть рукава́** жеңди түрүү.

**ЗАВОРОТИ´ТЬСЯ** *сов. разг.* имерилүү, бурулуу, кайрылуу, түрүлүү.

**ЗАВОРО´ЧАТЬСЯ** *сов. разг.* оодарыла баштоо, оонай баштоо.

**ЗАВОРЧА´ТЬ** *сов.* 1. (*о человеке*) күңкүлдөп уруша баштоо; 2. (*о собаке*) ырылдай баштоо, каңкылдай баштоо.

**ЗАВРА´ТЬСЯ** *сов. разг.* калпты чубуртуу.

**ЗАВСЕГДА´ТАЙ** *м. разг.* дайыма калбаган, дайыма келип туруучу киши.

**ЗА´ВТРА** *нареч.* эртең; **за́втра у́тром** эртең эрте менен; **прие́ду за́втра** эртең келем; **отложи́ть на за́втра** эртеңкиге калсын; **до за́втра!** эртеңге чейин (кош бол)!; ◇ **не ны́нче — за́втра** *разг.* бүгүн болбосо — эртең, жакында, тез арада.

**ЗА´ВТРАК** *м.* эртең мененки тамак; ◇ **корми́ть** *кого-л.* **за́втраками** *разг.* бирөөнү күндө эртең деп убара кылуу.

**ЗА´ВТРАКАТЬ** *несов.* эртең мененки тамакты ичүү.

**ЗА´ВТРАШНИЙ,** -яя, -ее эртеңки; **за́втрашний день** эртеңки күн; **с за́втрашнего дня** эртеңки күндөн баштап.

**ЗАВУАЛИ´РОВАТЬ** *сов. что* жымсалдатуу, жаап-жашыруу, көз боёмолоо.

**ЗА´ВУЧ** *м.* (заве́дующий уче́бной ча́стью) завуч (окуу бөлүмүнүн башчысы).

**ЗАВХО´З** *м.* (заве́дующий хозя́йством) завхоз (чарба башчысы).

**ЗАВШИ´ВЕТЬ** *сов. разг.* биттеп кетүү.

**ЗАВЫВА´НИЕ** *ср.* улуу (*напр. собаки*); ызылдоо, дуулдоо (*напр. ветра*); **завыва́ние бу́ри** бороондун дуулдашы.

**ЗАВЫВА´ТЬ** *несов.* улуп туруу (*напр. о собаке*); ызылдоо, дуулдоо (*напр. о ветре*); **завыва́ет вьюга** бурганак ызылдап турат.

**ЗАВЫ´СИТЬ** *сов. что* ашыра көтөрүп жиберүү; **завы́сить расце́нки** бааларды ашыра көтөрүп жиберүү.

**ЗАВЫ´ТЬ** *сов.* улуй баштоо (*напр. о собаке*); ызылдай баштоо, дуулдай баштоо (*напр. о ветре*).

**ЗАВЫША´ТЬ** *несов. см.* **завы́сить.**

**ЗАВЫШЕ´НИЕ** *ср.* ашыра көтөрүү (*мис. баа*).

**завью́, завьёшь** *и т. д. буд. вр. от* **зави́ть.**

**завью́сь, завьёшься** *и т. д. буд. вр. от* **зави́ться.**

**ЗАВЯ´ДШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **завя́нуть;** 2. *прил.* солуган; **завя́дший цвето́к** солуган гүл.

**ЗАВЯЗА´ТЬ** I *сов. что* 1. байлоо, таңуу, түйүү; **завяза́ть у́зел** түйүн байлоо; **завяза́ть узло́м** түйүн кылып байлоо; **завяза́ть в у́зел** түйүн кылып таңуу; **завяза́ть паке́т** пакетти таңуу; **завяза́ть го́лову платко́м** башты жоолук менен байлап алуу; **завяза́ть га́лстук** галстук байлоо; 2. *перен.* байланыша баштоо, түзө баштоо, чыгара баштоо; **завяза́ть отноше́ния** мамиле түзө баштоо; **завяза́ть знако́мство** тааныштык байланыш түзүү; **завяза́ть разгово́р** кеп баштоо; **завяза́ть ссо́ру** чатак чыгара баштоо; **завяза́ть перепи́ску** кат жазыша баштоо.

**ЗАВЯЗА´ТЬ** II *несов. см.* **завя́знуть.**

**ЗАВЯЗА´ТЬСЯ** *сов.* 1. байлануу, таңылуу; **у́зел завяза́лся** түйүн таңылды; 2. *перен.* (*начаться, возникнуть*) чыга баштоо, башталуу, болуу, козголо баштоо; **завяза́лся горя́чий бой** катуу согуш болду; **бесе́да завяза́лась** аңгеме башталды; 3. *бот.* (*образоваться*) түйүлүү; **плод завяза́лся** жемиш түйүлдү.

**ЗАВЯ´ЗКА** *ж.* 1. (*тесёмка, ленточка и т. п.*) бүчү, боо; 2. *лит.* башталышы (*чыгармада окуянын башталышы*); **завя́зка дра́мы** драманын башталышы.

**ЗАВЯ´ЗНУТЬ** *сов.* батуу, тыгылуу; **завя́знуть в боло́те** сазга батуу; **теле́га завя́зла в грязи́** араба баткакка тыгылды; **завя́знуть в долга́х** *перен.* карызга батып калуу.

**ЗАВЯ´ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **завяза́ть** I.

**ЗАВЯ´ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **завяза́ться;** 2. *страд.* *к* **завя́зывать.**

**ЗА´ВЯЗЬ** *ж. бот.* мөмө байлагыч (*урук жатуучу энеликтин алды жагы*).

**ЗАВЯ´ЛИВАТЬ** *несов. см.* **завя́лить.**

**ЗАВЯ´ЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **завя́литься;** 2. *страд.* *к* **завя́ливать.**

**ЗАВЯ´ЛИТЬ** *сов. что* кактоо, күнгө кактап кургатуу, сүрсүтүү; **завя́лить ры́бу** балыкты кургатуу.

**ЗАВЯ´ЛИТЬСЯ** *сов.* кебүү, какталуу, кургоо, сүрсүү.

**ЗАВЯ´НУТЬ** *сов.* 1. солуу; 2. *перен.* шалдырап алсыроо.

**ЗАГАДА´ТЬ** *сов. что* 1. табышмак айтуу; **загада́ть зага́дку** табышмак айтуу; 2. (*задумать*) ойлоп коюу; **загада́йте како́е-нибудь число́** кандайдыр бир санды ойлоп коюңуз; 3. (*предположить, замыслить*) болжоо; **загада́ть вперёд** болочокту болжоо.

**ЗАГА´ДИТЬ** *сов. что, разг.* булгоо, ыпыластоо.

**ЗАГА´ДКА** *ж.* табышмак; **отгада́ть зага́дку** табышмакты табуу; **говори́ть зага́дками** *перен.* табышмактатып сүйлөө.

**ЗАГА´ДОЧНО** *нареч.* табышмактуу, сырдуу; **зага́дочно улыбну́ться** сырдуу күлүмсүрөп коюу.

**ЗАГА´ДОЧНОСТЬ** *ж.* табышмактуулук, сырдуулук.

**ЗАГА´ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое табышмактуу, сырдуу; **зага́дочная карти́нка** табышмактуу сүрөт; **зага́дочное собы́тие** сырдуу окуя.

**ЗАГА´ДЫВАТЬ** *несов. см.* **загада́ть.**

**ЗАГА´ЖИВАТЬ** *несов. см.* **зага́дить.**

**ЗАГАЛДЕ´ТЬ** *сов. разг.* чуулдай баштоо, кажы-кажы боло түшө баштоо, бажылдай баштоо, бадылдай баштоо.

**ЗАГА´Р** *м.* тотугуу (*дененин күнгө күйүп күрөң тартышы*); **здоро́вый зага́р** таптаза тотугуу.

**ЗАГАСИ´ТЬ** *сов. что, разг.* өчүрүү; **загаси́ть свечу́** шамды өчүрүү.

**ЗАГАТИ´ТЬ** *сов. что* жыгач же чырпык төшөп сазду жерден өткөөл жасоо.

**ЗАГВО´ЗДКА** *ж. разг.* илинчек, тоскоол; **вот в чём загво́здка!** илинчек мына ушунда турбайбы!

**ЗАГИ´Б** *м.* 1. бүктөлүү; **заги́б листа́** барактын бүктөлгөн жери; 2. *перен.* ашыра согуу, ашыра чабуу.

**ЗАГИБА´ТЬ** *несов. см.* **загну́ть.**

**ЗАГИБА´ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **загну́ться;** 2. *страд.* *к* **загиба́ть.**

www.bizdin.kg

**ЗАГИПНОТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. кого* гипноздоп коюу (*гипноз жолу менен уктатуу, багындыруу*).

**ЗАГЛА'ВИЕ** *ср.* баш, ат; **заглáвие книги** китептин аты; **под заглáвием ...** ... деген ат менен.

**ЗАГЛА'ВНЫЙ,** -ая, -ое башкы; **заглáвный лист** башкы барак; ◇ **заглáвная бýква** баш тамга.

**ЗАГЛА'ДИТЬ** *сов. что* **1.** үтүктөө, таптоо, дазмалдоо, тегиздөө, жылмалоо; **заглáдить склáдки юбки утюгóм** юбканын бүгүштөрүн утюг менен басып таптоо; **2.** *перен.* (*исправить, смягчить*) жууш, жымсалдоо; оңдоо; **заглáдить винý** айыпты жууш (жымсалдоо).

**ЗАГЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **заглáдить.**

**ЗАГЛА'ЗНО** *нареч. разг.* көзү жокто, сыртынан; **решили заглáзно** көзү жокто чечим чыгарышты.

**ЗАГЛО'ХНУТЬ** *сов.* **1.** (*затихнуть*) басылуу, угулбай калуу, өчүү; **звýки заглóхли** добуш басылды; **2.** (*прийти в запустение, одичать*) жапайыланууу; **сад заглóх** бак-дарак жапайыланып калды; ◇ **самовáр заглóх** самоор өчүп калды.

**ЗАГЛУША'ТЬ** *несов. см.* **заглушúть.**

**ЗАГЛУШИ'ТЬ** *сов. что* **1.** басып салуу; **оркéстр заглушúл гóлос певцá** оркестр обончунун үнүн басып салды; **2.** (*о растениях*) басып калуу; **сорнякú заглушúли посéвы** отоо чөптөр эгинди басып калды; **3.** *перен.* (*смягчить*) жумшартуу, жеңилдетүү; **заглушúть боль** ооруганын жеңилдетүү (басуу); **4.** *перен.* (*подавить*) басуу; ◇ **заглушúть самовáр** самоорду өчүрүү.

**ЗАГЛЯДЕ'НЬЕ** *ср. разг.* карап гана турарлык, кызыгарлык, суктанардык; **конь — однó заглядéнье!** карап гана турарлык ат!

**ЗАГЛЯДЕ'ТЬСЯ** *сов. на кого-что, разг.* карап тойбоо, кызыгып кароо; **заглядéться на картúну** картинага кызыгып кароо.

**ЗАГЛЯ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **заглянýть;** ◇ **заглядывать вперёд** *или* **заглядывать в бýдущее** мурдатан, алдын ала ойлонуу, келечекти болжоо.

**ЗАГЛЯ'ДЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **заглядéться.**

**ЗАГЛЯНУ'ТЬ** *сов.* **1.** (*взглянуть*) кароо; **заглянýть в окнó** терезеден кароо; **заглянýть в кнúгу** китепти кароо; **2.** *разг.* кирип чыгуу; **я к вам заглянý на днях** мен жакында силердикине кирип чыгам.

**ЗАГНА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **загноúться.**

**ЗА'ГНАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **загнáть;** **2.** *прил.* (*обессиленный*) болдурган, жүрбөй калган; **зáгнанная лóшадь** жүрбөй калган ат; **3.** *прил. перен.* (*запуганный, забитый*) жалкоотай болгон, коркуп калган; ◇ **как зáгнанный зверь** колго түшкөн коёндой.

**ЗАГНА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* айдап кийирүү, тээп кийирүү; **загнáть скот во двор** малды короого айдап кийирүү; **загнáть мяч в ворóта протúвника** топту тээп каршы жактын дарбазасына кийирүү; **2.** *что, разг.* (*вбить*) житире кагуу; **глубокó загнáть гвоздь в дóску** мыкты тактайга житире кагуу; **3.** *кого-что* (*довести до изнеможения*) зоруктуруу, чарчатуу; **загнáть лóшадь** атты зоруктуруу; **загнáть вóлка** карышкырды алсырата кубалоо; **4.** *кого-что, прост.* (*продать*) сатуу, базарга салып сатуу.

**ЗАГНИВА'НИЕ** *ср.* чирүү, чирип баратуу.

**ЗАГНИВА'ТЬ** *несов. см.* **загнúть.**

**ЗАГНИ'ТЬ** *сов.* **1.** (*начать гнить*) чирий баштоо; **2.** (*стать гнилым*) чирүү, чирип калуу, чирип бузулуп кетүү.

**ЗАГНОИ'ТЬСЯ** *сов.* ириңдей баштоо; **рáна загноúлась** жара ириңдей баштады.

**ЗАГНУ'ТЬ** *сов. что* ийүү, ийрейтүү, майыштыруу, бүктөп коюу, жумуу; **загнýть странúцу кнúги** китептин барагын бүктөп коюу; ◇ **загнýть цéну** *разг.* бааны өтө кымбат суроо; **загнýть крéпкое словцó** *разг.* богооз сөз айтып жиберүү.

**ЗАГНУ'ТЬСЯ** *сов.* жумулуу, ийилүү, ийрейүү, майышуу, бүктөлүү.

**ЗАГОВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **заговорúть.**

**ЗАГОВА'РИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** (*говорить бессмыслицу*) тантуу; **2.** *см.* **заговорúться;** **3.** *страд. от* **заговáривать** (*см.* **заговорúть** 4); ◇ **говорú, да не заговáривайся** *разг.* сүйлөсөң сүйлө, бирок тантуучу болбо.

**ЗА'ГОВОР** *м.* **1.** *полит.* заговор (*болуп турган бийликке каршы бир нече адамдын өз ара жашырын сөз бекитип, аракеттенииши*); **быть в зáговоре** заговорго катышуу; **раскрыть зáговор** заговорду ачуу; **2.** *уст.* (*заклинание*) арбоо, арбашуу, дарымдоо, дарым; **зáговор от болéзни** ооруга дарым.

**ЗАГОВОРИ'ТЬ** *сов.* **1.** (*начать говорить*) тили чыга баштоо, сүйлөй баштоо; **ребёнок скóро заговорúт** бала жакында сүйлөй баштайт, баланын жакында тили чыгат; **все рáзом заговорúли** баары тең (*бир мезгилде*) сүйлөй баштады; **2.** *перен.* (*пробудиться*) ойгоно калуу, козголуу; **в нём вдруг заговорúла сóвесть** ал ынсапка келе түштү; **3.** *кого, разг.* (*утомить разговором*) тантый берип тажатуу; **4.** *кого-что, уст.* (*заколдовать*) арбоо, дарымдоо; **заговорúть от болéзни** ооруну дарымдоо; ◇ **заговорúть зýбы** *кому-л.* бирөөнү жок сөз менен алаксытуу.

**ЗАГОВОРИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*увлечься разговором*) сөзгө алаксып калуу; **2.** (*завраться*) калп айтып жиберүү.

**ЗАГОВО'РЩИК** *м.* заговорчу (*заговорго катышуучу*).

**ЗАГОВО'РЩИЦА** *женск. р. к* **заговóрщик.**

**ЗАГОВО'РЩИЦКИЙ,** -ая, -ое заговорчулук; **заговóрщицкий вид** заговорчулук кебете.

**ЗАГОГОТА'ТЬ** *сов.* **1.** (*о гусях*) каркылдоо; **2.** *перен. разг.* (*захохотать*) каткырып күлүү.

**ЗА'ГОДЯ** *нареч. разг.* мурдатан, күн мурун.

**ЗАГОЛО'ВОК** *м.* баш, ат; **заголóвок статьú** макаланын башы.

**ЗАГОЛОСИ'ТЬ** *сов.* кошуп ыйлай баштоо, кошок кошуп ыйлай баштоо.

**ЗАГО'Н** *м.* кашаа; **корóвы лéтом ночýют в загóне** уйлар жайкысын кашаада түнөйт; ◇ **быть в загóне** *разг.* кароосуз, ташталып калуу.

**ЗАГО'НЩИК** *м. охот.* айдоочу.

**загонó, загóнишь** *и т. д. буд. вр. от* **загнáть.**

**ЗАГОНЯ'ТЬ** *несов. см.* **загнáть.**

**ЗАГОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **загородúть.**

**ЗАГОРА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **загородúться;** **2.** *страд. к* **загорáживать.**

**ЗАГОРА'НИЕ** *ср.* тотугуу, күнгө күйүү, күнгө какталуу.

**ЗАГОРА'ТЬ** *несов. см.* **загорéть.**

**ЗАГОРА'ТЬСЯ** *несов. см.* **загорéться.**

**ЗАГОРДИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* мактана баштоо, кокурая баштоо, мен-менсине баштоо.

**ЗАГОРЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое тотуккан, күнгө күйгөн; **загорéлое лицó** тотуккан бет.

**ЗАГОРЕ'ТЬ** *сов.* тотугуу, күнгө күйүү; **загорéть на сóлнце** күнгө тотугуу.

**ЗАГОРЕ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*начать гореть*) күйө баштоо, жана баштоо, өрттөнө баштоо; **дом загорéлся** үй өрттөнө баштады; **2.** *перен.* (*заблестеть*) жайнай баштоо, жаркырай баштоо, жалтылдай баштоо; **егó глазá загорéлись рáдостью** анын көздөрү кубанычтуу жайнай баштады; **3.** *перен.* кызуу; **загорéлся спор** талаш кызый баштады; **4.** *безл. кому, перен. разг.* чебелектөө, шашуу; **что тебé так загорéлось? успéешь!** сен мынча неге чебелектедин? үлгүрөсүң!; ◇ **откýда сыр-бóр загорéлся** чатактын башы кайдан чыкты.

**ЗАГОРОДИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*обнести оградой*) бекитүү, тосуу; **загородúть двор высóким забóром** короону бийик дубал менен бекитүү; **2.** *кого-что* (*заслонить*) жаап коюу, калкалоо; **загородúть свет** жарыкты калкалап коюу; **3.** *что* (*преградить*) тосуу, жолто болуу; **загородúть комý-л. дорóгу** бирөөнүн жолун тосуу; **4.** *что* (*загромоздить*) үйүп салуу; **загородúть весь склад я́щиками** бүт складга ящиктерди үйүп салуу.

www.bizdin.kg

**ЗАГОРОДИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*обнестись оградой*) бекинүү, тосулуу; 2. (*заслониться*) калкалануу; **загородиться рукой от солнца** күндөн колу менен калкалануу.
**ЗАГОРО'ДКА** *ж.* кашаа, тосмо.
**ЗА'ГОРОДНЫЙ,** -ая, -ое шаардын сыртындагы; **загородный дом** шаардын сыртындагы үй; **загородная прогулка** шаар сыртына чыгып сейил куруу.
**ЗАГОСТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* конок болуп көпкө чейин отуруп калуу.
**ЗАГОТА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **заготовить.**
**ЗАГОТОВИ'ТЕЛЬ** *м.* даярдоочу.
**ЗАГОТОВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **заготовка** 1-*ге т.*; **заготовительная цена** даярдоо баасы; **заготовительный пункт** даярдоо пункуту.
**ЗАГОТО'ВИТЬ** *сов. что* 1. (*заблаговременно приготовить*) даярдап коюу; **заготовить справки** справкаларды даярдап коюу; 2. (*запасти*) жыйнап салуу; **заготовить дров на зиму** кышка отунду жыйнап салуу (коюу).
**ЗАГОТО'ВКА** *ж.* 1. даярдоо; **заготовка хлеба** эгин даярдоо; **государственные заготовки сельскохозяйственных продуктов** мамлекет тарабынан айыл чарба азыктарын даярдоо; 2. (*выкройка для обуви*) бут кийим тигүү үчүн бычылган булгаары; 3. *тех.* заготовка.
**ЗАГОТОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **заготовить.**
**ЗАГОТО'ВЩИК** *м.* 1. *см.* **заготовитель;** 2. (*сапожник*) бут кийим үчүн булгаары бычуучу.
**ЗАГОТПУ'НКТ** *м.* (заготовительный пункт) даярдоо пункуту.
**ЗАГРАДИ'ТЕЛЬ** *м. воен.-мор.* заградитель (*тосмо коюучу согуш кемеси*).
**ЗАГРАДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **заградительный вал** жоонун жолун бөгөгөн тосмо; **заградительный огонь артиллерии** артиллериянын душмандын жолун тосуп аткан огу; **заградительные отряды** тоскуч отряддар.
**ЗАГРАДИ'ТЬ** *сов. что* тосуу, жолтоо болуу; **заградить путь** жолду тосуу.
**ЗАГРАЖДА'ТЬ** *несов. см.* **заградить.**
**ЗАГРАЖДЕ'НИЕ** *ср.* тоскоол, тосмо, торгоо; **проволочные заграждения** сым тосмо; **противотанковое заграждение** танкыга каршы тоскоол; **минные заграждения** миналуу тосмолор.
**ЗАГРАНИ'ЦА** *ж. разг.* чет өлкө, чет мамлекет.
**ЗА ГРАНИ'ЦЕЙ** *см.* **граница.**
**ЗА ГРАНИ'ЦУ** *см.* **граница.**
**ЗАГРАНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое чет мамлекеттик, чет өлкөлүк, чет өлкөдөгү, чет өлкөдөн келген; **заграничный паспорт** чет мамлекеттик паспорт (*чет мамлекетке баруу үчүн берилген паспорт*).
**ЗАГРЕБА'ТЬ** I *несов. что* 1. (*сгребать*) шилөө, тырмоо, чогултуу, жыйноо, күрөө; **загребать сено** чөп тырмоо; 2. *перен.* ыксыз көп табуу; **загребать деньги** акчаны күрөп алуу; ◇ **чужими руками жар загребать** *погов.* бирөөнүн колу менен чок шилөө.
**ЗАГРЕБА'ТЬ** II *несов.* эшүү; **загребать веслом** калак менен эшүү.
**ЗАГРЕМЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать греметь*) күркүрөй баштоо, күрүлдөй баштоо, дүңгүрөй баштоо, шаңгырай баштоо, тарсылдай баштоо, шалдырай баштоо, калдырай баштоо; **гром загремел** күн күркүрөдү; 2. *чем, разг.* шалдыратуу, калдыратуу; **загреметь посудой** идиш-аякты калдыратуу.
**ЗАГРЕСТИ'** I *сов. см.* **загребать** I.
**ЗАГРЕСТИ'** II *сов. см.* **загребать** II.
**ЗАГРИ'ВОК** *м.* 1. (*у лошади*) ыйык жал; 2. *разг.* (*часть шеи*) кежиге, шили.
**ЗАГРИМИРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* гримдөө.
**ЗАГРИМИРОВА'ТЬСЯ** *сов.* гримденүү.
**ЗАГРО'БНЫЙ,** -ая, -ое акырет, тиги (*дүйнө*); **загробный мир** *или* **загробная жизнь** тиги дүйнө.
**ЗАГРОМОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **загромоздить.**
**ЗАГРОМОЗДИ'ТЬ** *сов. что* үймөктөп толтуруу, үстү-үстүнө үйүү (*мис. бөлмөнү мебель менен*).
**ЗАГРОМЫХА'ТЬ** *сов. разг.* шалдыроо, күлдүрөө, калдыроо; **загромыхала телега** араба калдырай баштады.
**ЗАГРОХОТА'ТЬ** *сов.* күркүрөй баштоо, күрс-тарс этүү, калдыр-шалдыр этүү; **гром загрохотал** күн күркүрөй баштады.
**ЗАГРУБЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое дордойгон, куудураган, одурайган; **загрубелые руки** дордойгон кол.
**ЗАГРУБЕ'ТЬ** *сов.* дордоё баштоо, куудурай баштоо, одурая баштоо.
**ЗАГРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **загрузить.**
**ЗАГРУ'ЖЕННОСТЬ** *ж.* жүктүн көптүгү, жык толтура жүктөлгөндүк; **загруженность железных дорог** темир жолдордун жүгү көптүгү; **загруженность работой** жүктөлгөн иштин көптүгү.
**ЗАГРУЖЁННОСТЬ** *ж. см.* **загруженность.**
**ЗАГРУЗИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*нагрузить полностью*) толтура салуу; **загрузить подвалы картошкой** подвалдарга картошканы толтура салуу; 2. *кого-что, перен.* (*работой*) толтура жүктөө, убактыны иш менен толтуруу, милдетин көбөйтүү.
**ЗАГРУ'ЗКА** *ж.* 1. толо жүк, толтура салынган же жүктөлгөн жүк; **загрузка руды в плавильную печь** эритүүчү мешке руданын толтура салынышы; 2. *перен.* (*напр. работой*) толтура жүктөө, убактынын иш менен толушу.
**ЗАГРУ'ЗОЧНЫЙ,** -ая, -ое жүк сала турган; **загрузочные машины** бир жерге, бир нерсеге жүктөрдү салуучу машиналар.
**ЗАГРУНТОВА'ТЬ** *сов. что* грунттоо (*боёш үчүн сырдын биринчи катмарын сыйпап даярдоо*); **загрунтовать пол** полду грунттоо.
**ЗАГРУНТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **загрунтовать.**
**ЗАГРУСТИ'ТЬ** *сов.* кайгыра баштоо, капалана баштоо.
**ЗАГРЫЗА'ТЬ** *несов. см.* **загрызть.**
**ЗАГРЫ'ЗТЬ** *сов. кого* 1. тиштеп өлтүрүү, талап өлтүрүү; **собаки загрызли кошку** иттер мышыкты талап өлтүрдү; 2. *перен. разг.* (*замучить*) кыйнап жиберүү, жадатуу, тажатуу, азапка салуу; **совесть его загрызла** ал уялып сарсанаа болду, ал уялып өкүндү.
**ЗАГРЯЗНЕ'НИЕ** *ср.* булгануу, булгоо, кирдетүү, кирдөө.
**ЗАГРЯЗНИ'ТЬ** *сов. что* булгоо, кирдетүү; **загрязнить помещение** үйдү булгоо.
**ЗАГРЯЗНИ'ТЬСЯ** *сов.* булгануу, кирдөө.
**ЗАГРЯЗНЯ'ТЬ** *несов. см.* **загрязнить.**
**ЗАГРЯЗНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **загрязниться;** 2. *страд. к* **загрязнить.**
**ЗАГС** (отдел записи актов гражданского состояния) загс (граждандык ал-абалдын актыларын жазуу бөлүмү).
**ЗАГУБИ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *кого-что* (*погубить*) бүлдүрүү, түбүнө жетүү; **загубить жизнь** өмүрдүн түбүнө жетүү, өлтүрүү; 2. *что, перен.* (*потратить напрасно*) бекер сарыптоо; **он зря загубил много средств** ал көп каражатты бекер сарып кылды.
**ЗАГУДЕ'ТЬ** *сов.* дарылдай баштоо, дүрүлдөй баштоо, күүлдөй баштоо.
**ЗАГУЛЯ'ТЬ** *сов. разг.* ичкилик менен тамашага берилүү (*ишти таштап*).
**ЗАГУЛЯ'ТЬСЯ** *сов. разг.* көпкө чейин сейилдеп жүрүп, далай убакыттын өткөнүн билбей калуу.
**ЗАГУСТЕ'ТЬ** *сов.* коймолжун тартуу, коюулануу; **каша загустела** ботко коймолжун тартты.
**ЗАД** *м.* 1. (*задняя часть чего-л.*) арт, арт жак; **лошадь бьёт задом** ат арткы буттары менен тебет; 2. (*седалище*) көчүк; 3. **зады** *мн. обл.* үйдүн арты; короонун аркасы (аягы); **на задах** үйдүн артында; короонун аягында; **на-**

www.bizdin.kg

**ті задáми** короонун аркасы менен кетүү; ◇ **твердить задй** белгилүү нерсени кайталай берүү.

**ЗАДА'БРИВАТЬ** *несов. см.* **задóбрить.**

**ЗАДАВА'ТЬ** *несов. см.* **задáть; задавáть тон** 1) *муз.* хордун кандай үн менен ырдай башташын көрсөтүү; 2) *перен.* мыкчегердик кылуу.

**ЗАДАВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **задáться; 2.** *разг.* (*зазнаваться*) көйрөңдүк кылуу, көөп кетүү.

**ЗАДАВИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* (*придавить насмерть*) басып өлтүрүү, тепсеп өлтүрүү; **2.** *кого* (*придушить*) өлтүрүп салуу; **кóшка задавила цыплёнка** мышык чөжөнү өлтүрүп салды; **3.** *что, перен.* (*подавить, заглушить*) басып коюу, дымын чыгарбай салуу.

**ЗАДА'НИЕ** *ср.* тапшырма; **производственное задáние** өндүрүштүк тапшырма; **плáновое задáние** пландуу тапшырма; **дать задáние** тапшырма берүү.

**ЗАДА'РИВАТЬ** *несов. см.* **задарить.**

**ЗАДАРИ'ТЬ** *сов. кого* **1.** (*осыпать подарками*) көп белек берүү; **2.** (*подкупить, задобрить*) сый көрсөтүп же пара берип көңүлүн алуу.

**ЗАДА'РОМ** *нареч. разг.* бекер, абдан арзан; **купить задáром** абдан арзанга сатып алуу.

**ЗАДА'ТКИ** *только мн.* (*склонности*) шык; **у ребёнка хорóшие задáтки** баланын шыгы жакшы.

**ЗАДА'ТОК** *м.* задатка; **внести задáток при закáзе** заказ кылганда задаткасын берип коюу.

**ЗАДА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое задаткалык; **задáточная сýмма** задаткалык акча.

**ЗАДА'ТЬ** *сов. что* **1.** *кому* (*поручить выполнить*) берүү, тапшыруу; **задáть урóк** сабак берүү; **задáть рабóту** жумуш тапшыруу; **задáть задáчу** 1) маселе тапшыруу (*эсептен*); 2) *перен.* кыйын иш тапшыруу; **задáть загáдку** табышмак берүү; **задáть вопрóс** суроо берүү; **2.** *кому* (*насыпать, дать*) салуу, төгүү; **задáть лóшади овсá** атка сулу төгүү; **3.** (*устроить*) куруу, өткөрүү, жасоо; **задáть бал** бал өткөрүү; ◇ **задáть стрáху** аябай чочутуу; **задáть хлопóт** аябай алек кылуу; **я тебé задáм!** *разг.* мен сага көрсөтөм!

**ЗАДА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** *чем* (*поставить себе задачу*) берилүү, көздөө, коюу; **задáться цéлью** өзүнө максат кылып коюу, бир максатты көздөө; **задáться мы́слью** бир ойго берилүү; **2.** *разг.* (*удаться, случиться*) кез келүү, болуу; **ну и денёк сегóдня задáлся!** ай, бүгүн укмуштай сонун күн болду да! (*напр. о хорошей погоде*).

**ЗАДА'ЧА** *ж.* **1.** (*упражнение*) маселе; **арифметúческая задáча** арифметикалык маселе; **шáхматная задáча** шахматтык маселе; **решить задáчу** эсеп чыгаруу; **2.** (*проблема, цель*) милдет; **задáчи хозяйственного и культýрного стрóительства** чарба жана маданий курулуштарынын милдеттери; **задáчи воспитáния** тарбиялоо милдеттери; **очереднáя задáча** кезектеги милдет; **боевáя задáча** кыжырмон милдет; **стáвить себé задáчей** *или* **стáвить пéред собóй задáчу** өзүнө милдет кылып коюу, өз алдына милдет кылып коюу.

**ЗАДА'ЧНИК** *м.* задачник (*эсеп маселелеринин жыйнагы*); **задáчник по арифмéтике** арифметика боюнча задачник.

**ЗАДВИ'ГАТЬ** *сов.* **1.** жылдыра баштоо, козголто баштоо, кыймылдата баштоо; **2.** (*напр. пальцами*) кыймылдата баштоо, кыбырата баштоо.

**ЗАДВИГА'ТЬ** *несов. см.* **задвинуть.**

**ЗАДВИ'ГАТЬСЯ** *сов.* жыла баштоо, козголо баштоо, кыймылдай баштоо.

**ЗАДВИГА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **задвинуться; 2.** (*быть задвижным*) жылып туруу; **эти рáмы задвигáются** бул рамалар жылып турат; **3.** *страд. к* **задвигáть.**

**ЗАДВИ'ЖКА** *ж.* тээк; **дверная задвижка** эшиктин тээги.

**ЗАДВИЖНО'Й,** -áя, -óе жылма, жылып турма, түртүлмө; **задвижнáя рáма** жылып турма рама.

**ЗАДВИ'НУТЬ** *сов. что* түртүп киргизип коюу; **задвинуть я́щик столá** столдун ящигин түртүп киргизип коюу.

**ЗАДВИ'НУТЬСЯ** *сов.* (*напр. о ящике*) өзүнөн өзү ичке кирип калуу.

**ЗАДВО'РКИ** *только мн.* короонун арт жагы, үй артындагы караңгы жай, оолак бурч; **на задвóрках** негизги короонун арт жагында, сыртында; **он живёт гдé-то на задвóрках** ал кайдадыр короонун бир бурчунда турат.

**ЗАДЕВА'ТЬ** I *несов. см.* **задéть.**

**ЗАДЕВА'ТЬ** II *сов. что, разг.* (*деть, затерять*) жоготуп коюу, койгон жерин унутуп таппай калуу; **кудá я очки́ задевáл?** мен көз айнегимди кайда койдум?

**ЗАДЕВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жоголуу, табылбай коюу; **кудá задевáлась кни́га?** китеп кайда жоголду?

**ЗАДЕ'ЛАТЬ** *сов. что* жылчык-тешиктерди бүтөө, бүтөп таштоо; **задéлать двéри** эшикти биротоло бүтөп таштоо; **задéлать я́щик** ящикти жаап бүтөп таштоо.

**ЗАДЕ'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **задéлать.**

**ЗАДЁРГАННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* **1.** *прич. от* **задёргать** 2; **2.** *прил.* аяк-буякка тарткыланып жүдөгөн; **задёрганный человéк** аяк-буякка тарткылоодон жүдөгөн киши.

**ЗАДЁРГАТЬ** *сов.* **1.** *что, чем* (*начать дёргать*) тарткылай баштоо, жулкуй баштоо, жула баштоо; **задёргать вожжáми** божуну тарткылай баштоо; **2.** *кого, перен. разг.* (*измучить*) аяк-буякка тарткылап жүдөтүү.

**ЗАДЁРГАТЬСЯ** *сов.* тартып кыймылдай баштоо; **от волнéния у негó задёргались гýбы** толкундангандыктан анын эриндери тартып кыймылдай баштады.

**ЗАДЁРГИВАТЬ** *несов. см.* **задёрнуть.**

**ЗАДЁРГИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **задёрнуться; 2.** *страд. к* **задёргивать.**

**ЗАДЕРЕВЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* сенейип калган, камтууга келбей калган; **задеревенéлая рукá** сенейип калган кол.

**ЗАДЕРЕВЕНЕ'ТЬ** *сов.* сенейип калуу, камтууга келбей калуу; **рýки и нóги задеревенéли от стýжи** колу-буту суукка тоңуп, сенейип калыптыр.

**ЗАДЕРЖА'НИЕ** *ср.* кармоо, кармап калуу, колго түшүрүү; **задержáние престýпника** кылмышкерди кармап калуу, кылмышкерди колго түшүрүү.

**ЗАДЕРЖА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* (*не пустить*) токтотуу, кармап калуу; **делá меня́ задержáли** мени иш кармап калды; **задержáть гóстя на час** конокту бир саатка токтотуп калуу; **задержáть протúвника** душманды токтотуу; **2.** *что* (*отсрочить*) созуу; **задержáть уплáту дóлга** карызды төлөөнү созуу; **3.** *что* (*замедлить*) кечиктирүү, саалытуу; **задержáть развúтие** *чего-л.* *бир нерсенин* өсүшүн саалытуу; **4.** *что* (*приостановить*) токтото туруу; **задержáть дыхáние** демди токтото туруу; **5.** *кого* (*арестовать*) кармап алуу, кармоо, камакка алуу; **престýпника задержáли** кылмышкерди кармашты; **задержáть на мéсте преступлéния** кылмыш ордунда кармап алуу.

**ЗАДЕРЖА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*замешкаться*) буйдалуу, кармалуу; **задержáться в дорóге** жолдо буйдалуу; **2.** (*замедлиться*) кечигүү; **развúтие ребёнка нéсколько задержáлось** баланын өсүшү бир аз кечигип калды; **3.** (*приостановиться*) токтоло калуу; **дыхáние задержáлось** деми токтоло калды.

**ЗАДЕ'РЖИВАТЬ** *несов. см.* **задержáть.**

**ЗАДЕ'РЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **задержáться; 2.** *страд. к* **задéрживать**

**ЗАДЕ'РЖКА** *ж.* **1.** (*остановка*) жүрбөй калуу, токтолуп калуу; **вслéдствие сúльного снегопáда произошлá задéржка поездóв** кар аябай калың жаагандыктан поездер жүрбөй калды; **2.** (*промедление*) кечиктирүү, саалыктыруу; **без задéржки** кечиктирбестен; **3.** (*опоздание*) кечигүү.

**ЗАДЁРНУТЬ** *сов. что* тартып коюу, серпип жабуу, силкип жабуу; **задёрнуть занавéску** парданы серпип жабуу, парданы тартып коюу.

www.bizdin.kg

с **заездом в Куйбышев** Москвага баратып, Куйбышевге тие өтө турган командировка.

**ЗАЕ'ЗДИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жүргүзбөй салуу, мине берип болдуруу, зоруктуруу; **заездить лошадь** атты зоруктуруу; 2. *кого, перен. разг.* күч жетпес ишти жүктөп кыйноо.

**ЗАЕ'ЗДОМ** *нареч. разг.* тие өтүп, бара кетип.

**ЗАЕЗЖА'ТЬ** *несов. см.* **заехать.**

**ЗАЕ'ЗЖЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **заездить;** 2. *прил.* (*утомлённый*) зоруккан, жүрбөй калган; **заезженная лошадь** жүрбөй калган ат; 3. *прил. перен. разг.* (*избитый, давно известный*) тажаткан, таң болгон; **заезженная фраза** таң болгон сөз.

**ЗАЕ'ЗЖИЙ,** -ая, -ее *разг.* бир жакка бара жатып келе калган, келип эле кете турган; ◇ **заезжий двор** *уст.* кербен сарай.

**ЗАЁКАТЬ** *сов. разг.* түк-түк этүү, зырпылдай баштоо; **сердце у меня заёкало** менин жүрөгүм түкүлдөй баштады.

**ЗАЁМ** *м.* заем; **выпустить заём** заём чыгаруу; **облигации государственных займов** мамлекеттик заёмдордун облигациялары; **заём развития народного хозяйства СССР** СССРдин эл чарбасын өркүндөтүү заёму.

**ЗАЁМНЫЙ,** -ая, -ое: **заёмное письмо** *юр.* карыз алганы үчүн берилген тил кат.

**ЗАЕ'СТЬ** *сов.* 1. *кого* (*загрызть*) жеп жиберүү, жеп коюу; **волк заел овцу** карышкыр койду жеп койду; 2. *что чем* (*закусить*) чайнап жиберүү, жеп жиберүү; **заесть лекарство сладким** дарынын артынан таттуу нерсе жеп жиберүү; 3. *кого, перен. разг.* (*измучить*) тажатуу, жадатуу, кыйнап бүтүү; **заесть упрёками** жемелей берип тажатуу, 4. *что* (*защемить*) кыпчып алуу; **блоком заело верёвку** блок жипти кыпчып алыптыр.

**ЗАЕ'СТЬСЯ** *сов. разг.* тамак тандай баштоо.

**ЗАЕ'ХАТЬ** *сов.* 1. (*к кому-л., куда-л.*) бара кетүү, кире кетүү, кайрыла кетүү; **заехать к знакомым** тааныштарга бара кетүү; 2. (*за кем-чем-л.*) ... үчүн бурулуп баруу; **заехать за детьми** балдарды ала кетүү үчүн бурулуп баруу, 3. (*подъехать сбоку*) каптал жактан кирүү; **заехать со стороны сада** бак жактан кирүү; 4. (*за что-л.*) өтүп кетүү; **заехать за мост** көпүрөнүн ары жагына өтүп кетүү; 5. *разг.* (*попасть*) түшүп калуу; **заехать в канаву** (бара жатып) арыкка түшүп калуу; ◇ **заехать** *кому-л.* **в физиономию** *разг. биреөнү* бетке коюп жиберүү.

**ЗАЖА'РИВАТЬ** *несов. см.* **зажарить.**

**ЗАЖА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **зажариться;** 2. *страд. к* **зажаривать.**

**ЗАЖА'РИТЬ** *сов. что* кууруу; **зажарить рыбу** балыкты кууруу.

**ЗАЖА'РИТЬСЯ** *сов.* куурулуу; **мясо зажарилось** эт куурулду, эт куурулуп бышты.

**ЗАЖА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*стиснуть*) басуу, кысуу; **зажать в руке** колдо кыса кармоо; **зажать в тиски** 1) кыскычка сыга кысуу, кыпчуу; 2) *перен.* кыса берип, айласын кетирүү; 2. *что* (*плотно закрыть*) тыгындап салуу, басуу; **зажать уши** кулакты басуу; 3. *что, перен. разг.* (*стеснить*) кысуу, кысмакка алуу, жол бербөө; **зажать инициативу** демилгени кысмакка алуу; ◇ **зажать рот** *кому-л. биреөнүн* оозун басуу, *биреөнү* сүйлөтпөй коюу.

**ЗАЖДА'ТЬСЯ** *сов.* күтө берип тажоо.

**ЗАЖЕЛТЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать желтеть*) саргара баштоо; **пшеница зажелтела** буудай саргара баштады; 2. (*показаться — о жёлтом*) саргарып көрүнө баштоо; **вдали зажелтели кучи песку** алыста үйүлгөн кум саргарып көрүнө баштады.

**ЗАЖЕСТИКУЛИ'РОВАТЬ** *сов.* жаңдай баштоо, жаңсай баштоо, шилтей баштоо.

**ЗАЖЕ'ЧЬ** *сов.* 1. *что* чагуу, жандыруу, күйдүрүү, жагуу; **зажечь спичку** ширеңке чагуу; 2. *кого-что, перен.* шыктандыруу, кызыктыруу, алга умтултуу, делебесин козгоо; **зажечь** *кого-л.* **энтузиазмом** *биреөнүн* жакшы ынтасын козгоо; **зажечь уверенность в сердцах людей** адамдардын жүрөгүндө ишенич отун жандыруу.

**ЗАЖЕ'ЧЬСЯ** *сов.* 1. күйө баштоо, жана баштоо; **зажглись огни** от күйө баштады; 2. *перен.* (*возбудиться, воодушевиться*) шыктануу, умтулуу, ынтасы козголуу.

**ЗАЖЖЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **зажечь;** 2. *прил.* жагылган, күйгүзүлгөн; **зажжённая свеча** жагылган шам.

**ЗАЖИВА'ТЬ** *несов. см.* **зажить** I.

**ЗАЖИВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **зажиться.**

**ЗАЖИВИ'ТЬ** *сов. что* айыктыруу; **примочка быстро заживит рану** чылама дары жараны бат айыктырат.

**ЗАЖИВЛЕ'НИЕ** *ср.* айыга баштоо, айыктыруу; **заживление раны** жаранын айыга баштышы.

**ЗАЖИВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **заживить.**

**ЗА'ЖИВО** *нареч.* тирилей, тирүүлөй, тирүү бойдон; **заживо похоронить** *кого-л. биреөнү* тирилей көмүү; **заживо погребённый** тирүүлөй көмүлгөн.

**ЗАЖИГА'ЛКА** *ж.* зажигалка (*папирос күйгүзө турган нерсе*).

**ЗАЖИГА'НИЕ** *ср.* жандыруу, жагуу, күйгүзүү.

**ЗАЖИГА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. жандыра турган, күйгүзө турган, өрттөй турган; **зажигательный прибор** жандыра турган прибор; **зажигательная бомба** өрттөй турган бомба; 2. *перен.* (*возбуждающий, волнующий*) шыктандыра турган, бүйүрдү кызыта турган; **зажигательная речь** шыктандыра турган сөз.

**ЗАЖИГА'ТЬ** *несов. см.* **зажечь.**

**ЗАЖИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **зажечься;** 2. *страд. к* **зажигать.**

**ЗАЖИ'М** *м.* 1. (*действие*) кысуу, кысмакка алуу, жол бербөө; **бороться с зажимом критики и самокритики** сыноо жана өзүн өзү сыноону кысууга каршы күрөшүү; 2. *тех.* (*приспособление*) баскыч (*аспап*).

**ЗАЖИМА'ТЬ** *несов. см.* **зажать.**

**ЗАЖИ'МНЫЙ,** -ая, -ое баса турган, сыга турган; **зажимный винт** баса турган винт, сыга турган винт.

**ЗАЖИ'МЩИК** *м. разг. неодобр.* кысуучу, жол бербөөчү; **зажимщик критики** сынга жол бербөөчү.

**ЗАЖИ'ТОЧНО** *нареч.* оокаттуу, бай; **жить зажиточно** оокаттуу жашоо.

**ЗАЖИ'ТОЧНОСТЬ** *ж.* оокаттуулук, байлык.

**ЗАЖИ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое оокаттуу, бай; **зажиточный колхоз** бай колхоз; **зажиточная жизнь** бай турмуш, оокаттуу турмуш.

**ЗАЖИ'ТЬ** I *сов.* (*зарубцеваться*) айыгуу, бүтөлүү; **рана зажила** жара айыкты.

**ЗАЖИ'ТЬ** II *сов.* (*начать жить*) жашай баштоо; **зажить трудовой жизнью** эмгек аркылуу жашай баштоо; **зажить семейной жизнью** үй-бүлө куруп жашай баштоо.

**ЗАЖИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* көпкө туруп калуу, ашыра туруу.

**зажму', зажмёшь** *и т. д. буд. вр. от* **зажать.**

**ЗАЖМУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **зажмурить.**

**ЗАЖМУ'РИВАТЬСЯ** *несов. см.* **зажмуриться.**

**ЗАЖМУ'РИТЬ** *сов. что* жүлжүйтүү, үлүрөйтүү, сүзүү; **зажмурить глаза** көздү сүзүү.

**ЗАЖМУ'РИТЬСЯ** *сов.* жүлжүйө калуу; **зажмуриться от яркого света** жарыктан көздү жүлжүйтүү.

**ЗАЖО'Р** *м. обл.* 1. (*льда*) үйөр (*суу үстүндө үйүлүп калган муз*); 2. (*вода под снегом*) кар алдындагы суу.

**ЗАЖУЖЖА'ТЬ** *сов.* зуулдай баштоо, ызылдай баштоо, дырылдай баштоо, дыңылдай баштоо.

**ЗАЖУ'ЛИТЬ** *сов. что, прост.* митаамдык кылуу, алдап алуу.

**ЗАЖУРЧА'ТЬ** *сов.* шырылдай баштоо, шыркырай баштоо.

www.bizdin.kg

**ЗАЗВА'ТЬ** *сов. кого, разг.* өтүнүп чакыруу; **зазва́ть в го́сти** конокко өтүнүп чакыруу.

**ЗАЗВЕНЕ'ТЬ** *сов.* шаңгырай баштоо, шыңгырай баштоо, зыңылдай баштоо; **зазвене́л колоко́льчик** коңгуроо шыңгырай баштады; **зазвене́л де́тский смех** *перен.* балдардын күлкүсү чыга баштады; ◇ **зазвене́ло в уша́х** *безл.* кулак зыңылдады, кулак тунду.

**ЗАЗВОНИ'ТЬ** *сов.* шаңгыратуу, шыңгыратуу; **зазвони́л телефо́н** телефон шыңгырады.

**ЗАЗВУЧА'ТЬ** *сов.* үн чыга баштоо; **зазвуча́ли знако́мые голоса́** тааныш үндөр чыга баштады.

**ЗАЗДРА'ВНЫЙ,** -ая, -ое саламаттык үчүн; **заздра́вный тост** саламаттык үчүн көтөрүлгөн тост; **заздра́вная пе́сня** саламаттык ыры; **заздра́вный ку́бок** саламаттыкка арналган кубок.

**ЗАЗЕВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* бир нерсеге алагды болуп, байкабай калуу; өткөрүп жиберүү.

**ЗАЗЕЛЕНЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать зеленеть*) жашылдана баштоо, көгөрө баштоо; **трава́ зазелене́ла** чөп көгөрө баштады; 2. (*показаться — о зелёном*) көгөрүп көрүнө баштоо.

**ЗАЗЕМЛЕ'НИЕ** *ср. тех.* 1. (*действие*) жерге кийирүү; 2. (*провод*) токту жерге кийирүүчү сым.

**ЗАЗЕМЛИ'ТЬ** *сов. что, тех.* токту жерге кийирүү.

**ЗАЗЕМЛИ'ТЬСЯ** *сов. тех.* ток жерге кирүү.

**ЗАЗЕМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **заземли́ть.**

**ЗАЗЕМЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. **заземли́ться;** 2. *страд. к* **заземля́ть.**

**ЗАЗИМОВА'ТЬ** *сов.* кыштоо, кыштап калуу.

**ЗАЗНАВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **зазна́ться.**

**ЗАЗНА'ЙКА** *м. и ж. разг. неодобр.* кекирейген, бой көтөргүч.

**ЗАЗНА'ЙСТВО** *ср. разг.* кекирейгендик, бой көтөрүүчүлүк.

**ЗАЗНА'ТЬСЯ** *сов.* кекирейип кетүү, бой көтөрүү.

**ЗАЗНО'БА** *ж. разг.* сүйгөнү, ашыгы.

**ЗАЗНОБИ'ТЬ** *сов. безл.* калтырата баштоо, чыйрыктыра баштоо; **больно́го зазноби́ло** сыркоо кишини калтырата баштады.

**ЗАЗО'Р** *м. тех.* көңдөй (*эп кыйган жердеги көңдөй; кобул*).

**ЗАЗО'РНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* уят; **зазо́рный посту́пок** уят иш.

**ЗАЗРЕ'НИЕ** *ср.*: **без зазре́ния со́вести** *разг.* уялбастан.

**ЗАЗУ́БРЕННЫЙ** I, -ая, -ое 1. *прич. от* **зазубри́ть** I; 2. *прил.* мизи кетилген; **зазу́бренный нож** мизи кетилген бычак.

**ЗАЗУ'БРЕННЫЙ** II, -ая, -ое 1. *прич. от* **зазубри́ть** II; 2. *прил.* (*механически заученный*) куру жатталган; **зазу́бренный уро́к** куру жатталган сабак.

**ЗАЗУ'БРИВАТЬ** I *несов. см.* **зазубри́ть** I.

**ЗАЗУ'БРИВАТЬ** II *несов. см.* **зазубри́ть** II.

**ЗАЗУ'БРИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **зазубри́ться;** 2. *страд. к* **зазу́бривать** I, II.

**ЗАЗУ'БРИНА** *ж.* кетик (*мис. миздин кетиги*); **нож с зазу́бринами** мизи кетик бычак.

**ЗАЗУБРИ'ТЬ** I *сов. что* мизин кетилтүү; **зазубри́ть нож** бычактын мизин кетилтүү.

**ЗАЗУБРИ'ТЬ** II *сов. что* курулай жаттоо; **зазубри́ть уро́к** сабакты курулай жаттоо.

**ЗАЗУБРИ'ТЬСЯ** *сов.* мизи кетилүү; **нож зазубри́лся** бычактын мизи кетилди.

**ЗАЗЫВА'НИЕ** *ср.* жалынып чакыруу, өтүнүп чакыруу.

**ЗАЗЫВА'ТЬ** *несов. см.* **зазва́ть.**

**ЗАИ'ГРАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **заигра́ть** II; 2. *прил.* ойнолгон, ойнолуп бүткөн; **ста́рые заи́гранные ка́рты** ойнолуп бүткөн эски карта; 3. *прил. перен.* көзгө үйрөнгөн, сонуну таркаган, кызыгы кеткен; **заи́гранная мело́дия** кулакка кызыгы кеткен күү.

**ЗАИГРА'ТЬ** I *сов.* 1. (*начать играть*) ойной баштоо; **орке́стр заигра́л марш** оркестр марш ойной баштады; 2. *перен.* (*засверкать, засиять*) жаркырай баштоо, жаркылдай баштоо, чагылуу; **со́лнце заигра́ло на пове́рхности воды́** күн суу бетинде чагыла баштады; 3. (*отразиться*) пайда болуу, көрүнө калуу; **румя́нец заигра́л на щека́х** бети нурданып кызара түштү.

**ЗАИГРА'ТЬ** II *сов.* 1. *что* (*истрепать в игре*) уйпалоо; **заигра́ть ка́рты** көп ойноп, картаны уйпалап салуу; 2.: **заигра́ть пье́су** көп ойноп, пьесанын татыгын кетирүү.

**ЗАИГРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* оюнга кызыгып бөлөктү унутуп салуу; **де́ти заигра́лись** балдар оюнга кызыгып алды.

**ЗАИ'ГРЫВАНИЕ** *ср. разг.* 1. (*кокетничанье*) тийишүү, шылкылдашуу; 2. (*заискивание*) жагынуу, көшөкөрдөнүү, жалпактоо.

**ЗАИ'ГРЫВАТЬ** I *несов. с кем* 1. (*кокетничать*) тийишүү, шылкылдашуу; 2. (*заискивать*) жагынуу, көшөкөрдөнүү, жалпактоо.

**ЗАИ'ГРЫВАТЬ** II *несов. см.* **заигра́ть** II.

**ЗАИ'ГРЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **заигра́ться.**

**ЗАИ'КА** *м. и ж.* кекеч.

**ЗАИКА'НИЕ** *ср.* кекечтенүү.

**ЗАСКАКА'ТЬ** *сов. разг.* жүгүрө баштоо, секире баштоо, чаап жөнөө, чапкылай баштоо, секирип өтүү, ыргып өтүү; **ло́шадь заскака́ла** ат чапкылап жөнөдү; **заскака́ть от ра́дости** кубанганынан секире баштоо.

**ЗАСКВОЗИ'ТЬ** *сов.* **1.** *безл. разг.* жел согуп өтүү; **дверь откры́ли и засквози́ло** эшикти ачып коюшту эле, жел сого баштады; **2.** (*показаться*) кылайып көрүнүү.

**ЗАСКИРДОВА'ТЬ** *сов. что, с.-х.* үймөктөө, үймөк үйүү, үймөк кылуу, сары кырдоо; **заскирдова́ть ско́шенный хлеб** чабылган эгинди үймөктөп коюу.

**ЗАСКО'К** *м. разг.* ыгы жок четке чыгып, чаташып кетүү; **у него́ быва́ют заско́ки в рассужде́ниях** ал ой жүгүртмөдө четке чыгып, чаташып кетмеси бар.

**ЗАСКОРУ'ЗЛОСТЬ** *ж.* **1.** (*огрубелость*) бодуракайлык, куудурактык, дордогойлук; **2.** *перен.* (*косность*) эски адаттан чыкпай туруп калуучулук.

**ЗАСКОРУ'ЗЛЫЙ**, -ая, -ое **1.** бодурайган, куудураган, дордойгон; **заскору́злые ру́ки** дордойгон кол; **2.** *перен.* (*косный, отсталый*) эскиликтен, эски адаттан жылбаган.

**ЗАСКОРУ'ЗНУТЬ** *сов.* **1.** (*огрубеть*) бодурая баштоо, куудурай баштоо, дордоё баштоо; **ру́ки заскору́зли** кол дордоё баштады; **2.** *перен.* (*закоснеть*) эски адаттан чыкпай эле тура берүү.

**ЗАСКРЕЖЕТА'ТЬ** *сов. чем* кырчылдата баштоо, кычырата баштоо; **заскрежета́ть зуба́ми** тишти кычырата баштоо.

**ЗАСКРЕСТИ'** *сов. разг.* тырмалай (тырмай, тыта) баштоо, кыра баштоо (*кыргыч же бычак менен*); ◇ **что́-то заскребло́ на се́рдце** эмнегедир жүрөгүм өйүйт.

**ЗАСКРЕСТИ'СЬ** *сов. разг.* кашына (тырмана) баштоо, тырмалап кытыратуу; **заскребла́сь мышь** чычкан кытырата баштады.

**ЗАСКРИПЕ'ТЬ** *сов.* чыйкылдай баштоо, кычырай баштоо; **заскрипе́ла дверь** эшик кычырап калды.

**ЗАСКУЛИ'ТЬ** *сов. разг.* **1.** (*о собаке*) кыңшылай баштоо, кыңылдай баштоо; **2.** (*заныть — о человеке*) ыйлактай баштоо.

**ЗАСКУЧА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** (*начать испытывать скуку*) эриге баштоо, зериге баштоо, зарыга баштоо; **2.** *по кому-чему, по ком-чём* сагына баштоо.

**ЗАСЛА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* алыс жиберүү, алыстатып бөлөк жана жат жакка жиберүү; **засла́ть в да́льние края́** алыскы жерлерге жиберүү; **засла́ть паке́т не по а́дресу** пакетти жаңылыштан башка жакка жиберип коюу; **2.** *кого, разг.* (*с целью разузнать что-л.*) жашырын түрдө атайы жиберүү (*тыңчыны*).

**ЗАСЛЕДИ'ТЬ** *сов. что, разг.* из түшүрө булгап кетүү (*бут менен*).

**ЗАСЛЕЗИ'ТЬСЯ** *сов.* жаш келүү, жаш кылгыра баштоо, жашылдана баштоо; **глаза́ заслези́лись** көздөн жаш кылгыра баштады.

**ЗАСЛО'Н** *м. воен.* заслон (*негизги эмес багытты бет алып согушуу аркылуу негизги багытты бет алган күчтү далдалаган отряд*).

**ЗАСЛОНИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*закрыть собой*) калкалоо, каптоо, тосуп калуу; **ту́ча заслони́ла со́лнце** булут күндү каптап калды; **2.** (*для защиты*) далдалоо, калкалоо; **заслони́ть лицо́ от уда́ра** бетин соккудан далдалай калуу; **3.** *перен.* (*вытеснить из памяти*) токтотуу, калтыруу, унутуу.

**ЗАСЛОНИ'ТЬСЯ** *сов.* далдалануу, калкалануу; **заслони́ться руко́й от уда́ра** соккудан колу менен калкалануу.

**ЗАСЛО'НКА** *ж.* жапкыч, капкак; **закры́ть печь засло́нкой** мешти жапкыч менен жабуу.

**ЗАСЛОНЯ'ТЬ** *несов. см.* **заслони́ть.**

**ЗАСЛОНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **заслони́ться; 2.** *страд. к* **заслоня́ть.**

**ЗАСЛУ'ГА** *ж.* сиңирген эмгек; **больши́е заслу́ги пе́ред револю́цией** революцияга сиңирген чоң эмгектер; **по заслу́гам** 1) (*заслуженно*) сиңирген эмгегине жараша; **его́ награди́ли по заслу́гам** аны сиңирген эмгегине жараша сыйлашты; 2) *перен.* (*как заслуживает чей-л. проступок*) кылган ишине *же* кылмышына жараша жаза *же* сыйлык алуу, берүү; **наказа́ть по заслу́гам** кылган ишине жараша жазасын берүү.

**ЗАСЛУ'ЖЕННО** *нареч.* эмгегин сиңирип, ылайык; **он заслу́женно получи́л награ́ду** сыйлыкты ал эмгек сиңирип алды.

**ЗАСЛУ'ЖЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **заслужи́ть; 2.** *прил.* (*по заслугам*) эмгегине жараша, ылайык, арзырлык, орундуу, анык эмгек сиңирилген; **заслу́женный успе́х** анык эмгек сиңирилген ийгилик; **3.** *прил.* (*о звании*) эмгеги сиңген, эмгек сиңирген; **заслу́женный де́ятель нау́ки** илимге эмгеги сиңген ишмер; **заслу́женный де́ятель иску́сств** искусствого эмгеги сиңген ишмер; **заслу́женный арти́ст респу́блики** республикага эмгеги сиңген артист, республикага эмгек сиңирген артист; **заслу́женный ма́стер спо́рта** спортко эмгеги сиңген мастер.

**ЗАСЛУ'ЖИВАТЬ** *несов. чего* ылайык болуу, акылуу болуу; **э́та кни́га заслу́живает похвалы́** бул китеп макталууга ылайык; **заслу́живать дове́рия** ишенимге акылуу болуу.

**ЗАСЛУЖИ'ТЬ** *сов. что* ылайык (*арзырлык, татырлык*) болуу, акылуу болуу; **заслужи́ть награ́ду** сыйлык алууга татыктуу болуу; **он э́то заслужи́л** 1) ал буга татыктуу; 2) *перен.* (*со злорадством*) ал ошондой болмок; анын кылганы ошончолук (*табалап айтылат*).

www.bizdin.kg

**ЗАСЛУ'ШАТЬ** *сов. что* угуу; **заслу́шать докла́д** доклад угуу; **заслу́шать свиде́тельские показа́ния** күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн угуу.

**ЗАСЛУ'ШАТЬСЯ** *сов. чего* берилип тыңшоо, ыкылас менен тыңшоо, угуп олтуруу; **заслу́шаться пе́сен** ырды берилип угуу; **он пел так, что я заслу́шался** ал ушундай сонун ырдады, мен жөн эле эрип калыптырмын.

**ЗАСЛУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **заслу́шать.**

**ЗАСЛУ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **заслу́шаться; 2.** *страд. к* **заслу́шивать.**

**ЗАСЛЫ'ШАТЬ** *сов. что* **1.** (*услышать*) угуу, угуп калуу; **заслы́шать го́лос** үндү угуп калуу; **2.** (*почуять*) сезүү, сезип калуу; **заслы́шать за́пах** жытты сезип калуу, жыт алуу.

**ЗАСЛЫ'ШАТЬСЯ** *сов.* угулуу, угула калуу.

**ЗАСЛЮНИ'ТЬ** *сов. что, разг.* шилекей менен булгап алуу, шилекей кылып алуу.

**ЗАСМА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **засмоли́ть.**

**ЗАСМА'ТРИВАТЬ** *несов.* кайта-кайта шыкаалап кароо; **засма́тривать в о́кна** терезеден кайта-кайта шыкаалап кароо.

**ЗАСМА'ТРИВАТЬСЯ** *несов. см.* **засмотре́ться.**

**ЗАСМЕЯ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* келеке кылуу, шылдың кылуу, шылдыңдоо.

**ЗАСМЕЯ'ТЬСЯ** *сов.* күлө баштоо, күлүп жиберүү, күлүп калуу.

**ЗАСМОЛИ'ТЬ** *сов. что* чайыр жабуу, дабыркай жабуу, чайырдоо (*чайыр, дабыркай жаап, суу өтпөс кылып коюу*); **засмоли́ть ло́дку** кайыкка чайыр жабуу, кайыкты чайырдоо.

**ЗАСМОТРЕ'ТЬСЯ** *сов. на кого-что* кызыга кароо, суктана кароо; таң калып карап калуу.

**ЗАСНЕ'ЖЕННЫЙ**, -ая, -ое *см.* **заснежённый.**

**ЗАСНЕЖЁННЫЙ**, -ая, -ое кар басып калган, кар баскан.

**ЗАСНУ'ТЬ** *сов.* уктап калуу, уктоо; **засну́ть ве́чным сном** *перен.* түбөлүк уйкуга кетүү (*өлүү*).

**ЗАСНЯ'ТЬ** *сов. кого-что* сүрөтүн түшүрүү, сүрөтүн алуу, сүрөткө тартуу; **засня́ть фильм** фильм тартуу (*фильмге керектүү сүрөттөрдү тартып алуу*).

**ЗАСО'В** *м.* бекитме, жылдырып бекитме; **запира́ть на засо́в** бекитме менен жаап салуу; **задви́нуть засо́в** бекитмени жылдыруу.

**ЗАСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **засу́нуть.**

**ЗАСО'Л** *м.* туздоо, туздалуу; **огурцы́ све́жего засо́ла** жаңыдан туздалган бадыраң.

**ЗАСОЛЕ'НИЕ** *ср. с.-х.* шордонуу; **боро́ться с засоле́нием по́чвы** жер кыртышынын шордуу болушуна каршы күрөш жүргүзүү.

**ЗАСОЛИ'ТЬ** *сов. что* туздоо; **засоли́ть огурцы́** бадыраң туздоо.

**ЗАСОПЕ'ТЬ** *сов. разг.* бышылдай баштоо, бырылдай баштоо.

**ЗАСОРЕ'НИЕ** *ср.* **1.** булгоо, тыгылып калуу, ыпылас кылуу, бүтөлүп калуу, булгануу, ыпылас болуу; ыпыр-сыпыр, чөп-чар толуп калуу; **засоре́ние канализа́ции** канализациянын ыпыластанышы; **2.: засоре́ние желу́дка** *мед.* ич бузулуу, күптү болуу.

**ЗАСОРЁННОСТЬ** *ж.* булгангандык, ыпыластангандык.

**ЗАСОРИ'ТЬ** *сов. что* **1.** булгоо, ыпылас кылуу; **засори́ть пруды́** көлмөлөрдү булгоо; **2.** (*повредить чем-л.*) бузуу, бир нерсе түшүрүп зыянга учуратуу; **засори́ть глаза́** көзгө бир нерсе түшүрүп алуу; **засори́ть желу́док** ичти бузуу, күптү кылуу.

**ЗАСОРИ'ТЬСЯ** *сов.* булгануу, ыпыластануу, бузулуу.

**ЗАСОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **засори́ть.**

**ЗАСОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **засори́ться; 2.** *страд. к* **засоря́ть.**

**ЗАСОСА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*начать сосать*) эме баштоо, соро баштоо; **2.** (*поглотить*) сормо соруу, тартып кетүү; **боло́то засоса́ло охо́тника** аңчыны саз тартып кетти; **среда́ его́ засоса́ла** *перен.* (жаман) чөйрөнүн таасирине берилип кетти; **меня́ тоска́ засоса́ла** *перен.* мен куса болуп кеттим.

**ЗАСО'ХНУТЬ** *сов.* **1.** кууроо, катып калуу; **цветы́ засо́хли** гүлдөр куурады; **хлеб засо́х** нан катып калды; **2.** (*высохнуть*) кургоо; **кра́ска засо́хла** боёк кургады.

**ЗАСО'ХШИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **засо́хнуть; 2.** *прил.* куураган, курган; **засо́хший лист** куураган жалбырак.

**ЗА'СПАННЫЙ**, -ая, -ое уйкудан турган; **за́спанное лицо́** уйкудан турган өң.

**ЗАСПА'ТЬ** *сов. кого, прост.* уйкуда жатып басып өлтүрүү; **мать заспала́ ребёнка** энеси уйкуда жатып, баласын басып өлтүрдү.

**ЗАСПА'ТЬСЯ** *сов. разг.* узак уктоо, көп уктап калуу.

**ЗАСПЕШИ'ТЬ** *сов.* шашкалактоо, шаша баштоо.

**ЗАСПИРТОВА'ТЬ** *сов. кого-что* спирттөө, спиртке салуу, спиртке чылоо.

**ЗАСПО'РИТЬ** *сов. о ком-чём* чырдаша баштоо, чатакташа баштоо.

**ЗАСТА'ВА** *ж.* **1.** (*место въезда в город*) застава (*шаар капкасы*); **2.** (*сторожевой пункт*) застава (*чектеги сакчылар пункту*); **пограни́чная заста́ва** чек аралык застава; **сторожева́я заста́ва** сакчылык застава.

**ЗАСТАВА'ТЬ** *несов. см.* **заста́ть.**

**ЗАСТА'ВИТЬ** I *сов.* **1.** *что чем* (*загромоздить*) толтура коюу; **заста́вить всю ко́мнату ме́белью** бөлмөнүн ичине мебелди толтура коюу; **2.** (*загородить*) коюп тосуу; **заста́вить дверь шка́фом** эшикти шкаф коюп тосуу.

**ЗАСТА'ВИТЬ** II *сов. кого-что с неопр.* (*принудить*) зордоп (күчтөп, кыстап, буйруп) аткартуу; **заста́вить замолча́ть** унчукпай калууга аргасыз кылуу, оозун жап кылуу; ◇ **не заста́вить себя́ ждать** кечикпей келүү, кечикпей баруу; **не заста́вить себя́ проси́ть** айттырбай аткарып берүү, айттырбай келүү (баруу).

**ЗАСТА'ВКА** *ж. полигр.* (*в книге*) заставка (*китеп же главанын башындагы сүрөт*).

**ЗАСТАВЛЯ'ТЬ** I *несов. см.* **заста́вить** I.

**ЗАСТАВЛЯ'ТЬ** II *несов. см.* **заста́вить** II.

**ЗАСТА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **застоя́ться.**

**ЗАСТАРЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое өнөкөт болгон, эски; **застаре́лый ревмати́зм** эски кызыл жүгүрүк; **застаре́лые привы́чки** өнөкөт болгон адаттар.

**ЗАСТА'ТЬ** *сов. кого-что* жолуктуруу, кезиктирүү, табуу; **я его́ не заста́л до́ма** мен аны үйүнөн табалбадым; **я заста́л его́ за чте́нием кни́ги** мен аны китеп окуп олтурган жеринен таптым; **заста́ть враспло́х** капысынан басып калуу; **заста́ть на ме́сте преступле́ния** кылмыш кылып жаткан жеринде үстүнөн чыгуу; **я его́ уже́ не заста́л в живы́х** мен аны тирүүсүндө көрбөй калдым.

**ЗАСТЁГИВАТЬ** *несов. см.* **застегну́ть.**

**ЗАСТЁГИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **застегну́ться; 2.** *страд. к* **застёгивать.**

**ЗАСТЕГНУ'ТЬ** *сов. что* топчулоо, бүчүлөө (*на пуговицы*); байлоо, илиштирүү, курчануу (*пряжкой*); **застегну́ть пальто́** пальтону топчулоо; **застегну́ть по́яс** курду илиштирүү (курчануу).

**ЗАСТЕГНУ'ТЬСЯ** *сов.* топчулануу, бүчүлөнүү (*на пуговицы*); курчануу (*с помощью пряжки*). **застегну́ться на все пу́говицы** бардык топчуларды топчулануу.

**ЗАСТЁЖКА** *ж.* бүчү, илмек, боолук, топчулук, боо; **застёжка у пла́тья** көйнөктүн илмеги.

**ЗАСТЕКЛИ'ТЬ** *сов. что* айнектөө, айнек салуу; **застекли́ть о́кна** терезеге айнек салуу.

**ЗАСТЕКЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **застекли́ть.**

**ЗАСТЕЛИ'ТЬ** *сов. что* төшөө, туташ төшөө, төшөп салуу.

www.bizdin.kg

**ЗАСТЕ'НОК** *м.* застенок (*мурунку Россияда жана азыркы капиталисттик өлкөлөрдө — түрмөдөгү кыйноо, жазалоо бөлмөсү же орду*).
**ЗАСТЕ'НЧИВОСТЬ** *ж.* уяңдык, уялчаактык.
**ЗАСТЕ'НЧИВЫЙ**, -ая, -ое уяң, уялчаак; **застéнчивый харáктер** уяң мүнөз.
**ЗАСТЕСНЯ'ТЬСЯ** *сов. разг.* уялуу, ийменүү, тартынуу
**ЗАСТИГА'ТЬ** *несов. см.* **застúчь.**
**ЗАСТИ'ГНУТЬ** *сов. см.* **застúчь.**
**ЗАСТИЛА'ТЬ** *несов. см.* **застлáть.**
**ЗАСТИРА'ТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*замыть*) жууш; **застирáть пятнó на плáтье** көйнөктүн темгилдерин жууп салуу; 2. (*испортить стиркой*) жууп бузуп коюу.
**ЗАСТИ'РЫВАТЬ** *несов. см.* **застирáть.**
**ЗАСТИ'ЧЬ** *сов. кого-что* үстүнөн чыгуу, кабылуу; **ворóв застúгли на мéсте преступлéния** кылмыш кылып жаткан жеринде ууруларды үстүнөн чыгышты; **нас застúг град** биз мөндүргө кабылдык; **застúчь** *кого-л.* **врасплóх** *бирөөнү* капысынан басып калуу.
**ЗАСТЛА'ТЬ** *сов. что* 1. төшөө, төшөк салуу, салуу; **застлáть пол коврóм** полго килем төшөө; **застлáть кровáть** кроватка төшөк салуу; 2. *перен.* каптоо, далдалоо, толуу; **тýча застлáла нéбо** кара булут асманды каптап калды; **слёзы застлáли глазá** көзгө жаш толду.
**ЗАСТО'Й** *м.* 1. туруп калуу, солгун тартуу; **застóй в делáх** иштин туруп калышы; 2. *мед.* токтолуу; **застóй крóви** кандын токтолушу.
**ЗАСТО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое дасторкон үстүндөгү; **застóльная бесéда** дасторкон үстүндөгү маектешүү; **застóльная речь** дасторкон үстүндөгү речь (*саламаттык үчүн айтылган сөз*).
**ЗАСТОНА'ТЬ** *сов.* онтой баштоо, онтоо.
**ЗАСТО'ПОРИВАТЬ** *несов. см.* **застóпорить.**
**ЗАСТО'ПОРИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **застóпориться;** 2. *страд. к* **застóпоривать.**
**ЗАСТО'ПОРИТЬ** *сов. что* 1. (*машину*) токтотуу; 2. *перен. разг.* (*задержать*) кармап калуу; **застóпорить** *какое-л.* **дéло** бир ишти кармап калуу.
**ЗАСТО'ПОРИТЬСЯ** *сов.* 1. (*о машине*) токтолуу; 2. *перен. разг.* кармалып калуу, кечигип калуу; **дéло застóпорилось** иш кечигип калды.
**ЗАСТОЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*долго простоять*) көпкө туруу; **конь застоялся** ат көпкө туруп калды; 2. (*испортиться*) көп туруп, эскирип калуу; көп туруп, бузулуп калуу; **водá застоялась** суу көп туруп, бузулуп калды.
**ЗАСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **застрóить.**
**ЗАСТРА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **застрóиться;** 2. *страд. к* **застрáивать.**
**ЗАСТРАХО'ВАННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **застраховáть;** 2. *прил.* камсыздандырылган; **застрахóванное имýщество** камсыздандырылган мүлк; 3. *прил. перен.* (*от чего-л.*) камсыз.
**ЗАСТРАХОВА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. камсыздандыруу; **застраховáть жизнь** өмүрдү камсыздандыруу; **застраховáть имýщество** мүлктү камсыздандыруу; **застраховáть себя на слýчай инвалúдности** өзүн кокус инвалид болуп калган учурга камсыздандыруу; 2. *перен.* (*обезопасить*) сактоо, коргоо, камсыз кылуу; коркунучсуз, коопсуз кылуу.
**ЗАСТРАХОВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. камсыздануу; **застраховáться на слýчай увéчья** кокус майып болгон учурга камсыздануу; 2. *перен.* (*обезопасить себя*) сактануу, коргонуу; коркунучсуз, коопсуз болуу.
**ЗАСТРАХО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **застраховáть.**
**ЗАСТРАХО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **застраховáться;** 2. *страд. к* **застрахóвывать.**
**ЗАСТРАЩА'ТЬ** *сов. кого, разг.* коркутуу, чочутуу.
**ЗАСТРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **застрять.**
**ЗАСТРЕЛИ'ТЬ** *сов.* атып өлтүрүү.
**ЗАСТРЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* атынып өлүү.
**ЗАСТРЕ'ЛЬЩИК** *м.* демилгечи; **застрéльщик соцсоревновáния** социалисттик мелдештин демилгечиси.
**ЗАСТРЕ'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **застрéльщик.**
**ЗАСТРО'ИТЬ** *сов. что* имарат салуу (*бош жерге*); **застрóить дáчами учáсток землú** жердин бош турган участогуна дачалар салуу.
**ЗАСТРО'ИТЬСЯ** *сов.* тургузулуу, салынуу, орноо; **учáсток застрóился нóвыми домáми** бош участокко жаңы үйлөр тургузулду.
**ЗАСТРО'ЙКА** *ж.* курулуш, имарат; **прáво застрóйки** имарат куруу укугу.
**ЗАСТРО'ЙЩИК** *м.* үй куруучу, салууга укуктуу киши.
**ЗАСТРОЧИ'ТЬ** I *сов.* 1. (*на швейной машине*) кайып тигүү, дырылдата тиге салуу, машинага тигүү; **застрочúть воротнúк** жаканы машинага тиге салуу; 2. (*начать быстро писать*) тез жаза баштоо, шыпылдата жаза баштоо.
**ЗАСТРОЧИ'ТЬ** II *сов.* (*из пулемёта*) тытыратуу.
**ЗАСТРУИ'ТЬСЯ** *сов.* чубуруп ага баштоо.
**ЗАСТРЯ'ТЬ** *сов.* 1. чыкпай калуу, токтоп калуу, тыгылып калуу; **колёса застрáли в грязú** дөңгөлөк ылайга тыгылып калды; **кость застрáла в гóрле** тамакка сөөк туруп калды; 2. *перен. разг.* (*задержаться, замешкаться*) кармалып калуу, буйдалуу; ◇ **словá застрáли у меня в гóрле** мен мукактанып сүйлөй албай калдым.
**ЗАСТУДИ'ТЬ** *сов. что, разг.* суукка урунтуу, суук тийгизүү; **застудúть гóрло** тамакка суук тийгизүү.
**ЗАСТУДИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* суукка урунуу, суук тийүү.
**ЗАСТУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **застудúть.**
**ЗА'СТУП** *м.* темир күрөк.
**ЗАСТУПА'ТЬСЯ** *несов. см.* **заступúться.**
**ЗАСТУПИ'ТЬСЯ** *сов. за кого-что* болушуу, жактоо.
**ЗАСТУ'ПНИК** *м.* коргоочу, коруучу, жактоочу.
**ЗАСТУ'ПНИЦА** *женск. р. к* **застýпник.**
**ЗАСТУ'ПНИЧЕСТВО** *ср.* коргоочулук, коруучулук, жактоочулук.
**ЗАСТУЧА'ТЬ** *сов.* каккылай баштоо, ургулай баштоо; түрсүлдөтүү, тарсылдатуу.
**ЗАСТЫВА'ТЬ** *несов. см.* **застыть.**
**ЗАСТЫДИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* аябай уялтуу, уяткаруу.
**ЗАСТЫДИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* аябай уялуу.
**ЗАСТЫ'НУТЬ** *сов. разг. см.* **застыть.**
**ЗАСТЫ'ТЬ** *сов.* 1. (*сгуститься*) сууп коюулануу; **клей застыл** желим коюуланды; **лáва застыла** лава сууп калды; 2. *разг.* (*замёрзнуть*) үшүү, үшүп кетүү, муздап (тоңуп, сууп) калуу; **застыть от хóлода** суuктан үшүп кетүү; ◇ **застыть от ýжаса** аябай коркуп, таптакыр катып калуу; коркконунан селдейип, катып калуу; **застыть от удивлéния** аң-таң болуп, селдейип туруп калуу.
**ЗАСУДИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* соттоп жиберүү.
**ЗАСУЕТИ'ТЬСЯ** *сов.* карбаластай баштоо, шашып-пушуп жанталаша баштоо.
**ЗАСУ'НУТЬ** *сов. что* тыга салуу, салуу; **засýнуть бумáги в стол** кагаздарды столго тыга салуу; **засýнуть рýку в кармáн** колду чөнтөккө салуу.
**ЗА'СУХА** *ж.* кургакчылык, такырчылык; **борьбá с зáсухой** кургакчылык менен күрөшүү.
**ЗАСУХОУСТО'ЙЧИВОСТЬ** *ж.* кургакчылыкка чыдамдуулук.
**ЗАСУХОУСТО'ЙЧИВЫЙ**, -ая, -ое кургакчылыкка чыдамдуу; **засухоустóйчивые растéния** кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктөр.
**ЗАСУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **засучúть.**
**ЗАСУЧИ'ТЬ** *сов. что* түрүү; **засучúть рукавá** жеңди түрүү, шымалануу; ◇ **принáться за дéло засучúв рукавá** шымаланып ишке киришүү.
**ЗАСУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **засушúть.**
**ЗАСУ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **засушúться;** 2. *страд. к* **засýшивать.**

www.bizdin.kg

**ЗАСУШИ'ТЬ** *сов. что* 1. кургатуу; **засуши́ть цвето́к** гүлдү кургатуу; 2. *кого-что, перен.* кургак кылуу, кызыгын кетирүү; супсактатып жиберүү (*мис. аңгемени, сабакты*).
**ЗАСУШИ'ТЬСЯ** *сов.* кургоо, кагыроо.
**ЗАСУ'ШЛИВЫЙ**, -ая, -ое кургакчылыкка учурай турган; кургак; **засу́шливый год** кургакчылык жыл; **засу́шливые зе́мли** кургакчылыкка учурай турган жерлер.
**ЗАСЧИТА'ТЬ** *сов.* эсеп кылуу, эсептеп коюу, чегерип коюу; **засчита́ть в счёт до́лга** карыздын эсебине чегерип коюу.
**ЗАСЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **засчита́ть.**
**ЗАСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **засла́ть.**
**ЗАСЫ'ПАТЬ** *сов.* 1. *что* (*төгүп*) толтуруу; **засы́пать я́му** чукурду толтуруу; 2. *кого-что, чем, перен.* (*забросать*) үстү-үстүнө төгүү, ыргытуу, жаадыруу; **засы́пать цвета́ми** гүлдү үстү-үстүнө ыргытуу; **засы́пать вопро́сами** суроону үстү-үстүнө жаадыруу; **засы́пать поздравле́ниями** куттуктоону туш-туштан жаадыруу; 3. *что* (*всыпать*) салуу; **засы́пать ча́ю** чай салуу; 4. *что, чего* (*насыпать корм*) берүү, салуу; **засы́пать овса́ ло́шади** атка сулу берүү.
**ЗАСЫПА'ТЬ** I *несов. см.* **засну́ть.**
**ЗАСЫПА'ТЬ** II *несов. см.* **засы́пать.**
**ЗАСЫ'ПАТЬСЯ** *сов.* 1. (*о сыпучем*) төгүлүү, толуу, кирүү; **песо́к засы́пался в сапоги́** өтүккө кум кирип кетти; 2. (*покрыться слоем*) жаап калуу, басып калуу; 3. *прост.* (*потерпеть неудачу*) кулап калуу; **засы́паться на экза́мене** экзаменде кулап калуу; 4. *прост.* (*попасться, быть уличённым*) жаман иш кылып, колго түшүү; кармалып калуу.
**ЗАСЫПА'ТЬСЯ** *несов. см.* **засы́паться.**
**ЗАСЫ'ПКА** *ж.* топтоо, төгүү; **засы́пка семенно́го фо́нда** үрөн фондусун топтоо.
**ЗАСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **засо́хнуть.**
**ЗАТАЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **затаи́ть;** 2. *прил.* (*тайный*) ичте сакталган; **затаённые жела́ния** ичте сакталган тилек; 3. *прил.* (*приглушённый*) бөлөккө угулбаган, сыртка чыкпаган; **затаённый го́вор** күбүр-шыбыр (*башка адамдарга угузбай күбүрөшүү*); ◇ **с затаённым дыха́нием** демин ичке тартып, кың дебестен.
**ЗАТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **затаи́ть.**
**ЗАТАИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*скрыть*) жашыруу, катуу, сактап жүрүү, сактоо; **затаи́ть оби́ду** таарынычын ичинде сактоо; **затаи́ть зло́бу** кек сактоо; 2. (*приглушить*) сыртка чыгарбоо; **затаи́ть дыха́ние** демин чыгарбоо, демин ичине алуу.
**ЗАТАИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* жашырынуу, жашырынып калуу, ичте сакталып калуу.
**ЗАТА'ЛКИВАТЬ** *несов. см.* **затолкну́ть.**
**ЗАТАНЦЕВА'ТЬ** *сов.* бийлей баштоо, бийлеп жиберүү.
**ЗАТА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **затопи́ть** I.
**ЗАТА'ПТЫВАТЬ** *несов. см.* **затопта́ть.**
**ЗАТАРАТО'РИТЬ** *сов. разг.* быдылдап сүйлөй баштоо.
**ЗАТА'СКАННОСТЬ** *ж.* таң болгондук, даамы кеткендик (*сөз*).
**ЗАТА'СКАННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **затаска́ть** 1, 2; 2. *прил.* (*изношенный*) жыртылган, эскирген, тозгон; **зата́сканный костю́м** жыртылган костюм; 3. *прил. перен.* таң болгон, даамы кеткен; **зата́сканное выраже́ние** эскирип, даамы кеткен сөз.
**ЗАТАСКА'ТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*износить*) кийип жыртуу, кийип эскиртүү, кийип тоздуруу; тамтыгы чыкканча кийүү, тытылганча кийүү; **затаска́ть пальто́** пальтону тамтыгы чыкканча кийүү; 2. *что, перен.* (*опошлить*) даамын кетирүү, мокотуу; **затаска́ть остроту́** курч сөздүн даамын кетирүү, курч сөздү мокотуп жиберүү; 3. *кого* (*измучить*) сүйрөп жүрүп кыйноо; **затаска́ть по суда́м** сотко сүйрөй берип жадатуу.
**ЗАТА'СКИВАТЬ** I *несов. см.* **затаска́ть** 1, 2.
**ЗАТА'СКИВАТЬ** II *несов. см.* **затащи́ть.**
**ЗАТА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **заточи́ть** I.
**ЗАТАЩИ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*занести*) көтөрүп баруу, сүйрөп баруу, көтөрүп келүү, сүйрөп келүү; **затащи́ть шкаф в ко́мнату** шкафты үйгө көтөрүп киргизүү; 2. *кого* (*привести*) зордоп ээрчитип баруу, зордоп ээрчитип келүү; **я затащи́л его́ к себе́** мен аны зордоп өз үйүмө ээрчитип келдим.
**ЗАТВЕРДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **затверде́ть.**
**ЗАТВЕРДЕ'ЛОСТЬ** *ж.* катуулук, каткандык, катып калгандык.
**ЗАТВЕРДЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое каткан, катып калган; **затверде́лая о́пухоль** катып калган шишик.
**ЗАТВЕРДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) катуу, катып калуу; 2. (*опухоль*) берч, чор болгон жер, шишик.
**ЗАТВЕРДЕ'ТЬ** *сов.* катуу, катып калуу, катуулануу, катуу болуу.
**ЗАТВЕРДИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*выучить наизусть*) жаттоо, кайталап жаттоо, жаттап алуу, бышыктоо; **затверди́ть стихи́** ырды жаттап алуу; 2. (*начать твердить*) кайта-кайта айта берүү, кайталай берүү; **затверди́ть одно́ и то́ же** бир сөздү кайта-кайта айта берүү.
**ЗАТВО'Р** *м.* 1. затвор (*ар түрдүү машиналарда жана мылтык сыяктуу куралдарда жабыла турган механизм*); **затво́р винто́вки** винтовканын затвору; 2. (*дверей, ворот*) жапкыч, жаап салма (*эшик жана дарбазаны*).
**ЗАТВОРИ'ТЬ** *сов. что* жабуу; **затвори́ть дверь** эшикти жабуу.
**ЗАТВОРИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*закрыться*) жабылуу; **дверь с шу́мом затвори́лась** эшик тарс жабылды; 2. *перен.* (*уединиться*) бекинип алуу; **он затвори́лся в своём кабине́те** ал өз кабинетине бекинип алды.
**ЗАТВО'РНИК** *м.* 1. затворник (*көр азабынан коркуп, өз бөлмөсүнөн чыкпастан ибадат кылууга ант айткан киши*); 2. *перен.* элден безген; **он живёт затво́рником** ал элден безип, жалгыз тиричилик кылып жүрөт.
**ЗАТВО'РНИЦА** *женск. р. к* **затво́рник.**
**ЗАТВО'РНИЧЕСКИЙ**, -ая, -ое: **вести́ затво́рнический о́браз жи́зни** элден безип, жалгыз өмүр сүрүү.
**ЗАТВО'РНИЧЕСТВО** *ср.* 1. үйдөн чыкпай, жалгыз ибадат кылгандык; 2. *перен.* жалгыз жашоо.
**ЗАТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **затвори́ть.**
**ЗАТВОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **затвори́ться;** 2. *страд. к* **затвори́ть.**
**ЗАТЕВА'ТЬ** *несов. см.* **зате́ять.**
**ЗАТЕ'ЙЛИВОСТЬ** *ж.* кызыктыргычтык, таң кылуучулук.
**ЗАТЕ'ЙЛИВЫЙ**, -ая, -ое 1. (*вычурный, замысловатый*) кызыктыра турган, таң кыла турган; **зате́йливое украше́ние** кишини кызыктыра турган жасалга; 2. (*занимательный*) кызык, татынакай; **зате́йливая игру́шка** кызык оюнчук.
**ЗАТЕ'ЙНИК** *м. разг.* 1. (*весёлый человек*) куудул, тамашакөй; 2. (*руководитель игр*) оюн башчы.
**ЗАТЕ'ЙНИЦА** *женск. р. к* **зате́йник.**
**ЗАТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **зате́чь.**
**ЗАТЕ'М** *нареч.* 1. (*потом*) анан кийин, андан кийин, анын үстүнө, жана; **я снача́ла позанима́юсь, а зате́м погуля́ю** оболу мен окуп алам, анан кийин бир аз эс алам; 2. (*для того*) ошол үчүн; **я пришёл зате́м, что́бы зако́нчить на́чатое де́ло** мен ошол баштаган ишти бүтүрүш үчүн келдим.
**ЗАТЕМНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) караңгылоо, караңгы кылуу; 2. *мед.* карарган жер; **затемне́ние в лёгких** өпкөнүн карарган жери.
**ЗАТЕМНЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать темнеть*) карара баштоо; 2. (*начать видне́ться — о тёмном*) карарып көрүнүү; **вдали́ затемне́л лес** алыстан карарып токой көрүндү.
**ЗАТЕМНИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*сделать тёмным*) караңгы кылуу; карартуу; **затемни́ть фон карти́ны** картинаны

www.bizdin.kg

фонун карартуу; 2. (*замаскировать освещение*) караңгылоо; **затемни́ть го́род** шаардын ичин караңгылоо; 3. *перен.* (*сделать непонятным*) караңгылатуу; **затемни́ть созна́ние** акыл-эсти караңгылатуу.

**ЗА'ТЕМНО** *нареч. разг.* караңгы кезде, караңгыда, таң ата электе; **уе́хать за́темно** таң ата электе жөнөп кетүү.

**ЗАТЕМНЯ'ТЬ** *несов. см.* **затемни́ть.**

**ЗАТЕНИ'ТЬ** *сов. что* көлөкөлөө, көлөкө кылуу.

**ЗАТЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **затени́ть.**

**ЗАТЕ'ПЛИТЬ** *сов. что, уст.* бүлбүлдөтүп жагуу.

**ЗАТЕ'ПЛИТЬСЯ** *сов. уст.* бүлбүлдөп жануу, бүлбүлдөп күйө баштоо, бүлбүлдөп күйүү; **зате́плился огонёк** от бүлбүлдөп күйө баштады.

**ЗАТЕРЕ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*стереть*) сүрүп өчүрүү, ышкып өчүрүү; **затере́ть на́дпись** жазууну сүрүп өчүрүү; 2. *кого-что* (*сдавить*) кысуу, туш-туштан кысуу; **су́дно затёрто льда́ми** кеме муз ортосунда кысылып калды; **в толпе́ меня́ затёрли** калың эл мени кысып салды; 3. *перен. разг.* (*помешать выдвинуться*) атайын тоскоол кылуу, өстүрбөй ылдый басуу.

**ЗАТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* кысылып кирүү, кыпчылып кирүү; **затере́ться в толпу́** калың топко кысылып жатып кирүү.

**ЗАТЕ'РЯННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **затеря́ть;** 2. *прил.* жоголгон, жоголуп кеткен, түшүп калган; 3. *прил. перен.* (*заброшенный*) унутулган, биротоло эстен чыгарылган; **не чу́вствовать себя́ затеря́нным** өзүн биротоло унутулуп кеткен кишидей сезбөө.

**ЗАТЕРЯ'ТЬ** *сов. что* жоготуу, жоготуп жиберүү.

**ЗАТЕРЯ'ТЬСЯ** *сов.* жоголуу, жоголуп кетүү; **кни́га затеря́лась** китеп жоголуп кетти; **затеря́ться в толпе́** *перен.* калың топто көрүнбөй калуу.

**ЗАТЕСА'ТЬ** *сов. что* учтап жонуу, копшоо; **затеса́ть кол** казыкты учтап жонуу.

**ЗАТЕСА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жулунуп арага кирүү, кыпчылуу.

**ЗАТЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **затеса́ть.**

**ЗАТЕ'ЧЬ** *сов.* 1. (*влиться*) агып кирүү, сарыгып кирүү; **вода́ затекла́ в у́ши** кулакка суу кирип кетти; 2. (*онеметь*) уюу, уктап калуу (*мис. кол, бут*); 3. (*заплыть*) шишип чыгуу, шишик алуу, томпоё түшүү; **у него́ глаз затёк** анын көзү шишиди; **нога́ затекла́** бут шишиди; **у меня́ затекла́ рука́** менин колум шишиди.

**ЗАТЕ'Я** *ж.* 1. (*замысел, предприятие*) ниет, ой, ойлоп чыгарган иш; **неуда́чная затея́** ордунан чыкпаган иш, жөнү келбеген иш; 2. (*забава, развлечение*) тамаша, көңүл ачуу; **ребя́чьи зате́и** балдардын оюну; ◇ **по́просту, без зате́й** шаан шөкөтсүз эле, бейил күтпөстөн эле.

**ЗАТЕ'ЯТЬ** *сов. что* 1. (*задумать*) иш баштоо, ойлоп чыгаруу; **они́ что́-то зате́яли** алар бир жорукту баштаганы жатышат; 2. (*устроить*) чыгаруу, баштоо; **зате́ять и́гры** оюн баштоо; **зате́ять дра́ку** уруш чыгаруу.

**ЗАТИРА'ТЬ** *несов. см.* **затере́ть.**

**ЗАТИ'СКАТЬ** *сов. разг.* кысып жиберүү, кысып кыйноо.

**ЗАТИ'СКИВАТЬ** I *несов. см.* **зати́снуть.**

**ЗАТИ'СКИВАТЬ** II *несов. см.* **зати́скать.**

**ЗАТИ'СНУТЬ** *сов. что, разг.* тыгуу, зордоп батыруу.

**ЗАТИХА'ТЬ** *несов. см.* **зати́хнуть.**

**ЗАТИ'ХНУТЬ** *сов.* 1. тынчуу, басылуу; **шум зати́х** уу-чуу басылды; **шаги́ прохо́жих зати́хли** ары-бери баскандардын аягы тыйылды; 2. (*ослабеть, прекратиться*) басылуу, басаңдоо, басаңчалоо, токтолуу; **боль зати́хла** ооруганы басаңчалады; **дождь зати́х** жамгыр басаңдады; 3. *перен.* (*успокоиться*) тынчуу, тынчып калуу, басылуу, сооронуу; **ребёнок зати́х** бала сооронду; **больно́й зати́х** оорулуу киши тынчып калды.

**ЗАТИ'ШЬЕ** *ср.* жымжырттык, мелтиреп тим жатуу, мелмирөө; **зати́шье пе́ред грозо́й** чагылгандуу жааң алдындагы мелмирөө; **зати́шье по́сле бо́я** салгылашуудан кийинки жымжырттык.

**ЗАТКА'ТЬ** *сов. что* бастыруу, бастырып тигүү; **затка́ть пла́тье серебро́м** көйнөккө күмүш око бастырып тигүү.

**ЗАТКНУ'ТЬ** *сов. что* 1. (*закрыть отверстие*) тыгуу; **заткну́ть у́ши ва́той** кулакка кебез тыгуу; **заткну́ть буты́лку про́бкой** бөтөлкөгө тыгын тыгуу; **заткну́ть рот** *кому-л.* 1) *биреөнүн* оозун жап кылуу; 2) *перен. биреөнү* унчуктурбай салуу, *биреөнүн* жаагын жап кылуу; 2. (*засунуть за что-л.*) өткөрүп коюу, кыстарып коюу; **заткну́ть кинжа́л за по́яс** канжарды куруна кыстарып коюу; ◇ **заткну́ть за по́яс** *кого-л. биреөдөн* ашып түшүү.

**ЗАТЛЕ'ТЬ** *сов.* түтөй баштоо, чирий баштоо, үлбүрөп калуу.

**ЗАТЛЕ'ТЬСЯ** *сов.* түтөп күйүү, билинер-билинбес болуп тутануу.

**ЗАТМЕВА'ТЬ** *несов. см.* **затми́ть.**

**ЗАТМЕ'НИЕ** *ср.* 1. *астр.* тутулуу, карaруу; **затме́ние со́лнца** күн тутулуу; **лу́нное затме́ние** ай тутулуу; 2. *перен. разг.* акыл чаташуу; **на меня́ како́е-то затме́ние нашло́** менин акылым кандайдыр чаташып калды.

**ЗАТМИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*скрыть*) жаап калуу, далдалап калуу; **ту́чи затми́ли всё не́бо** кара булут асманды бүт жаап калды; 2. *кого-что, перен.* (*превзойти*) басып өтүү, ашып түшүү; **затми́ть чью-л. сла́ву** *биреөнүн* даңкын басып кетүү.

**ЗАТО'** *союз* бирок; ошентип; **пришло́сь мно́го рабо́тать, зато́ зада́ние я вы́полнил** көп иштешке туура келди, ошентип тапшырманы аткардым.

**ЗАТОВА'РЕННОСТЬ** *ж. эк.* товардын сатылбастан үйүлүп калышы, товардын үйүлүп жатып калышы.

**ЗАТОВА'РИВАНИЕ** *ср. эк.* товарды жүгүртпөстөн жаткырып коюу; товардын үйүлүп жатып калышы.

**ЗАТОВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **затова́рить.**

**ЗАТОВА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **затова́риться;** 2. *страд. к* **затова́ривать.**

**ЗАТОВА'РИТЬ** *сов. что, эк.* товарды жүгүртпөстөн жаткыруу.

**ЗАТОВА'РИТЬСЯ** *сов. эк.* товардын сатылбай жата бериши; **затова́риться неходовы́ми това́рами** өтпөй турган товарларды үйүп алуу.

**ЗАТОЛКА'ТЬ** *сов. кого, разг.* түрткүлөп жиберүү; **его́ затолка́ли в толпе́** аны көпчүлүк түрткүлөп жиберди.

**ЗАТОЛКНУ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* түртүп киийрүү.

**ЗАТО'Н** *м.* 1. (*место стоянки судов*) затон (*дарыянын пароход кыштоочу тынч буйтка-булуңу*); 2. (*запруда*) бөгөт, тосмо (*балык уулоо үчүн*).

**ЗАТОНУ'ТЬ** *сов.* сууга чөгүү, сууга чөгүп кетүү.

**ЗАТО'ПАТЬ** *сов.* жер тепкилей баштоо; **зато́пать нога́ми** буту менен жер тепкилей баштоо.

**ЗАТОПИ'ТЬ** I *сов.* 1. (*разжечь огонь*) от жагуу; **затопи́ть печь** мешке от жагуу; 2. (*начать топить*) от жага баштоо.

**ЗАТОПИ'ТЬ** II *сов.* 1. (*залить*) жайпоо, жайпап кетүү, каптоо, каптап кетүү; **разли́вшаяся река́ затопи́ла берега́** суу кирип жээкти каптап кетти; 2. (*потопить*) сууга чөгөрүп жиберүү; **затопи́ть суда́** кемелерди сууга чөгөрүп жиберүү.

**ЗАТОПИ'ТЬСЯ** I *сов.* (*разгореться*) күйө баштоо, жана баштоо.

**ЗАТОПИ'ТЬСЯ** II *сов.* (*залиться водой*) капталуу, жайылуу, жайпаган суунун астында калуу.

**ЗАТОПЛЕ'НИЕ** *ср.* жайпоо, суу жайпап кетүү, суу каптап кетүү.

**ЗАТОПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **затопи́ть** II.

**ЗАТОПТА'ТЬ** *сов* 1. *что* таптап тегиздөө, таптап жоготуу, таптап салуу; **затопта́ть следы́** издерди таптап салуу, издерди таптап жоготуу; 2. *кого-что* (*задавить*) басып өлтүрүү, тепсеп өлтүрүү; 3. *что* (*испачкать*) басып булгоо; **затопта́ть пол гря́зными сапога́ми** ылайлуу өтүгү

www.bizdin.kg

менен басып, полду булгап салуу; ◇ **затоптáть** *кого-л.* **в грязь** *бирөөнү* жаман атты кылуу.

**ЗАТО'Р** *м.* 1. (*задержка в движении*) жолду бөгөө, бөгөп салуу, камалыш; **скоплéние машúн вы́звало затóр** машиналардын шыкалып туруп калышы жолду бөгөп салды; 2. (*льда*) үйөр (*муз жарылып аккан кезде анын ар кайсы жерге үйүлүп калышы*).

**ЗАТОРМОЗИ'ТЬ** *сов.* 1. (*начать тормозить*) тормоз бере баштоо; 2. (*остановить тормозом*) токтотуу (*тормоз берип токтотуу*); **затормозúть вагóн** вагонду тормоз берип токтотуу; 3. *перен.* (*задержать*) кедерги кылуу, жолтоо кылуу, тоскоол болуу, бөгөт болуу; **затормозúть движéние** аракетке (жүрүүгө) тоскоол болуу; **затормозúть дéло** ишке жолто болуу.

**ЗАТОРМОЗИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. тормоз берилүү; 2. *перен.* (*задержаться*) буйдалуу, тоскоолго учуроо; **дéло затормозúлось** иш тоскоолго учурады.

**ЗАТОРМОШИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* 1. (*начать тормошить*) жулмалай баштоо; 2. (*утомить*) жулмалай берип жүдөтүү.

**ЗАТОРОПИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* шашып калуу, шашкалаңдай баштоо, ашыга баштоо.

**ЗАТОСКОВА'ТЬ** *сов.* сагына баштоо, бук боло баштоо, ич быша баштоо, куса болуу.

**ЗАТОЧА'ТЬ** *несов. см.* **заточúть** II.

**ЗАТОЧЕ'НИЕ** *ср.* камакта болуу, түрмөдө болуу; камак; **долголéтнее заточéние** узак жылдарга созулган камак; **жить в заточéнии** камакта жашоо.

**ЗАТОЧИ'ТЬ** I *сов. что* (*заострить*) курчутуу; бүлөп, кайрап мизин текшилөө.

**ЗАТОЧИ'ТЬ** II *сов. кого, уст.* камоо; **заточúть в тюрьмý** түрмөгө камоо.

**ЗАТОШНИ'ТЬ** *сов. безл. кого* жүрөктү айландыра баштоо, жүрөк айланып кускусу келүү, кускуну келтире баштоо; **егó затошнúло** анын жүрөгү айлана баштады.

**ЗАТРАВИ'ТЬ** *сов. кого* 1. (*на охоте*) итке тиштетүү, итке талатып өлтүрүү, тукуруу, тайган агытып кууп кармоо; **затравúть зáйца** коёнду итке тиштетүү; 2. *перен.* (*замучить преследованиями*) кодулоо, куугунтуктоо, кодулап тынчтык бербөө.

**ЗАТРА'ГИВАТЬ** *несов. см.* **затрóнуть.**

**ЗАТРАПЕ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* күндөлүк, демейки, күн сайын боло жүргөн; **затрапéзный вид** демейки түр; **затрапéзное плáтье** күн сайын кийиле жүргөн көйнөк.

**ЗАТРА'ТА** *ж.* каражат, чыгым, жумшалган (*акча, күч ж. б.*); **непроизводúтельная затрáта** пайда келтирбеген, өндүрүмдүгү жок чыгым; **затрáта врéмени** убактыны жумшоо.

**ЗАТРА'ТИТЬ** *сов. что на что* каражаттоо, чыгымдоо, жумшоо, сарыптоо; **затрáтить срéдства на оборýдование** жабдууга каражат жумшоо; **затрáтить мнóго усúлий** көп аракетти жумшоо.

**ЗАТРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **затрáтить.**

**ЗАТРЕ'БОВАТЬ** *сов.* суроо; талап кылуу (*что-л.*); чакыртуу (*кого-л.*); **затрéбовать докумéнт** документти талап кылуу; **затрéбовать свидéтеля** күбөнү чакыртуу.

**ЗАТРЕПА'ТЬ** *сов. что, разг.* жыртуу, тамтыгын чыгаруу, тытып салуу; **затрепáть пальтó** пальтонун тамтыгын чыгаруу; ◇ **затрепáть** *чьё-л.* **úмя** *бирөөнү* жаман атты кылуу.

**ЗАТРЕПЕТА'ТЬ** *сов.* калтырай баштоо, титирей баштоо, калтырак басуу.

**ЗАТРЕЩА'ТЬ** *сов.* 1. кычырай баштоо, чыртылдай баштоо, кырчылдай баштоо; **лёд под ним затрещáл** ал баскан муз чыртылдай баштады, анын алдындагы муз кырчылдай баштады; 2. чырылдай баштоо; **кузнéчики затрещáли** чегирткелер чырылдай баштады; 3. *перен. разг.* (*начать болтать*) быдылдап сүйлөй баштоо.

**ЗАТРЕ'ЩИНА** *ж. разг.* шапалак; жаакка чабуу; **дать затрéщину** *кому-л. бирөөнү* жаакка чабуу, *бирөөгө* шапалак уруу.

**ЗАТРО'НУТЬ** *сов. кого-что* 1. (*задеть*) чырпып өтүү, тийип өтүү; **пýля затрóнула кость** ок сөөккө тийип өтүптүр; **у негó затрóнуты лёгкие** анын өпкөсүн дарт чалган; 2. *перен.* тие өтүү, козгой өтүү, эскертип өтүү; **затрóнуть** *чьи-л.* **интерéсы** *бирөөнүн* кызыкчылыгына зыян келтирүү; **затрóнуть больнóе мéсто** *бирөөнүн* жарасына тийип коюу; **затрóнуть самолю́бие** намысына тийүү; **затрóнуть вопрóс** маселе козгоо.

**ЗАТРУБИ'ТЬ** *сов.* сурнай тарта баштоо.

**ЗАТРУДНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*препятствие, помеха*) кыйынчылык, кедерги, тоскоолдук; **устранúть затруднéние** кыйынчылыкты четтетүү; 2. (*трудное положение*) оордук, оор абал, кыйналуу; **материáльные затруднéния** оокат жагынан кыйналуу; **быть в затруднéнии** оор абалда калуу; **вы́вести из затруднéния** кыйын абалдан чыгаруу; **вы́йти из затруднéния** оор абалдан чыгуу, кыйынчылыктан кутулуу.

**ЗАТРУДНЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **затруднúть;** 2. *прил.* кыйынчылыкта калган, кедергиленген, оор абалда калган; **затруднённое дыхáние** оор дем алуу.

**ЗАТРУДНИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кыйындык, оордук.

**ЗАТРУДНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кыйын, оор; **затруднúтельное положéние** кыйын ал-абал.

**ЗАТРУДНИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*обременить*) оордоштуруу, кыйын абалга салуу, оңойсуздандыруу; **éсли вас не затруднúт** сизге кыйын болбосо, сизге кыйынчылык келтирбесе; 2. *что* (*осложнить*) кыйындатуу; **затруднúть дóступ кудá-либо** бир жерге кирүүнү кыйындатуу.

**ЗАТРУДНИ'ТЬСЯ** *сов. чем, с неопр.* кыйынчылык келүү, кыйналуу, оңойсуздануу; **затруднúться испóлнить поручéние** тапшырманы аткаруудан кыйналуу.

**ЗАТРУДНЯ'ТЬ** *несов. см.* **затруднúть.**

**ЗАТРУДНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **затруднúться; затрудня́юсь вам отвéтить** сизге жооп берүүдөн кыйналып турам; **не затрудня́йтесь!** убара болбоңуз!, убара болбой эле коюңуз!; 2. *страд. к* **затрудня́ть.**

**ЗАТРЯСТИ'** *сов. кого* титирете баштоо, калтырата баштоо (*напр. о лихорадке*).

**ЗАТРЯСТИ'СЬ** *сов.* калтырай баштоо, титирей баштоо; **затрястúсь всем тéлом** денеси бүт калтыроо; **затрястúсь от стрáха** корккондан титироо.

**ЗАТУЖИ'ТЬ** *сов. разг.* кайгыруу, убайымдоо, капа чеге баштоо.

**ЗАТУМА'НИВАТЬ** *несов. см.* **затумáнить.**

**ЗАТУМА'НИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **затумáниться;** 2. *страд. к* **затумáнивать.**

**ЗАТУМА'НИТЬ** *сов. что* 1. (*покрыть туманом*) тумандатуу, тунартуу, тунарыктатуу; 2. *перен.* тунартуу, тумандатуу, күүгүмдөтүү; **слёзы затумáнили глазá** жаш көздү тунартты; 3. *перен.* (*сделать непонятным*) түшүнүксүз кылуу; **затумáнить смысл** маанисин түшүнүксүз кылуу.

**ЗАТУМА'НИТЬСЯ** *сов.* 1. (*покрыться туманом*) тумандануу, тунарыктоо; **горизóнт затумáнился** горизонтту туман басты; 2. *перен.* тунаруу; **глазá затумáнились слезáми** жаш басып көз тунарды; 3. *перен.* (*сделаться неясным*) түшүнүксүз болуу; **смысл затумáнился** мааниси түшүнүксүз болуп калды.

**ЗАТУПИ'ТЬ** *сов.* мокотуу; **затупúть нож** бычакты мокотуу.

**ЗАТУПИ'ТЬСЯ** *сов.* мокоо; **топóр затупúлся** балта мокоду.

**ЗАТУПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **затупúть.**

**ЗАТУПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **затупúться;** 2. *страд. к* **затупля́ть.**

**ЗАТУХА'НИЕ** *ср.* 1. өчө баштоо; 2. *перен.* басаңдап басаңчалоо; **затухáние радиовóлн** *физ.* радио толкундарынын басаңдашы.

www.bizdin.kg

**ЗАТУХА'ТЬ** *несов. см.* **затухнуть.**

**ЗАТУ'ХНУТЬ** *сов.* 1. өчүү, өчүп калуу; **костёр затух** от өчүп калды; 2. *перен.* басылып калуу.

**ЗАТУШЕВА'ТЬ** *сов.* 1. (*покрыть тушью*) туштоо, тушь менен карартуу; 2. *перен.* (*сделать менее заметным*) жылмалоо, жымсалдоо, жууп-чаюу; **он старался затушевать его ошибки** ал анын каталарын жымсалдатууга аракет кылды.

**ЗАТУШЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **затушевать.**

**ЗАТУШИ'ТЬ** *сов. что, разг.* 1. өчүрүү; **затушить свечу** шамды өчүрүү; 2. *перен.* (*заглушить, подавить*) басаңдатуу, басаңчалатуу, басуу.

**ЗА'ТХЛОСТЬ** *ж.* 1. бүкшүгөндүк, көк жыттангандык, борсугандык; **затхлость нежилого дома** киши турбаган үйдүн көк жыттанышы; 2. *перен.* (*косность*) былгыгандык, бықшыгандык.

**ЗА'ТХЛЫЙ,** -ая, -ое 1. бүкшүгөн, көк жыттанган, борсуган, коңурсуган, сасыган; **затхлая мука** көк жыттанган ун; **затхлый воздух** коңурсуган аба; **пахнет затхлым** жаңырсык жыттанат; 2. *перен.* (*косный*) былгыган, бықшыган; **затхлая атмосфера** былгыган атмосфера (чөйрө).

**ЗАТЫКА'ТЬ** *несов. см.* **заткнуть.**

**ЗАТЫ'ЛОК** *м.* 1. желке, кежиге; 2. (*часть мясной туши*) жондун эти; ◇ **становиться в затылок** биринин артынан бири тизилип туруу.

**ЗАТЫ'ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **затылочная кость** *анат.* желке сөөк.

**ЗАТЫ'ЧКА** *ж. разг.* 1. тыгын; **затычка из тряпки** чүпүрөк тыгын; 2. *перен.* (*о человеке*) кыстырынды, кыпчынды; бирөөнүн ордуна кыпчый коюлган киши; атка жеңил, тайга чак.

**ЗАТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **затянуть.**

**ЗАТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **затянуться;** 2. *страд. к* **затягивать.**

**ЗАТЯ'ЖКА** *ж.* 1. (*при курении*) соруу, оп тартуу; 2. *перен. разг.* (*задержка*) кечигүү, чоюлуу, узаруу, созолуу.

**ЗАТЯЖНО'Й,** -ая, -ое кечигип кеткен, узарып кеткен, көпкө созулган; **затяжная болезнь** көпкө созулган дарт; **затяжной прыжок с парашютом** парашютту узакка чейин жайбай секирүү.

**ЗАТЯНУ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*туго стянуть*) тартып байлоо, бек тартуу, таңуу; **затянуть узел** түйүнчөктү бек тартып байлоо; **затянуть петлю** илмекти бек тартуу; 2. *кого-что* соруу, соруп кетүү; **лошадь затянуло в трясину** атты сормо соруп кетти; 3. *кого, перен.* (*завлечь*) ээликтирүү, желиктирүү; **приятели затянули его к себе** аны достору ээликтирип үйлөрүнө алып кетишти; 4. *что* (*покрыть*) жаап калуу, каптап калуу, чүмкөө, бүркөө; **небо затянуло тучами** асманды кара булут каптап калды; 5. *безл. перен.* (*о заживлении*) бүтүү, айыгуу; **рану затянуло** жара бүттү; 6. *что, перен.* (*задержать, замедлить*) токтотуу, кечиктирүү; **затянуть дело** ишти кечиктирүү; ◇ **затянуть песню** ыр ырдай баштоо.

**ЗАТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*туго стянуться*) тартылуу, байлануу, бекем тартып байлануу, таңылуу, курчануу, тартып курчануу; **затянуться поясом** курду тартып курчануу; **узел затянулся** түйүн тартып байланды; 2. (*покрыться*) капталуу, чүмкөлүү, бүркөлүү; **небо затянулось тучами** асман кара булут менен капталды, асман бүркөлдү; 3. (*зажить*) бүтүү, айыгуу; **рана затянулась** жара айыкты; 4. *перен.* (*замедлиться*) кечигүү, созулуу, узаруу; **дело затянулось** иш созулду; 5. (*втянуть в себя*) соруу, оп тартуу; **затянуться папиросой** папирос соруу.

**ЗАУ'МНЫЙ,** -ая, -ое кооз, бирок маанисиз; **заумные слова** кооз айтылган көңдөй сөз.

**ЗАУНЫ'ВНО** *нареч.* муңкана, муңая, муңкандыра; **заунывно выл осенний ветер** күзгү шамал муңкана улуп турду.

**ЗАУНЫ'ВНОСТЬ** *ж.* муңкангандык, муңайткычтык.

**ЗАУНЫ'ВНЫЙ,** -ая, -ое муңдуу, муңканган, муңайган; **заунывное пение** муңканган ыр, муңдуу ыр.

**ЗАУПРЯ'МИТЬСЯ** *сов. разг.* каршыгып калуу, кежерүп калуу, өжөрлөнүп калуу, оюна келгенин бербей калуу.

**ЗАУРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое орточо, эч артыкчылыгы жок; **заурядный писатель** эч кандай артыкчылыгы жок жазуучу.

**ЗАУСЕ'НИЦА** *ж.* 1. (*на пальцах*) тырмактын түбүндөгү теринин сыйрылышы; 2. (*на металле*) заусеница (*металлды жонгон, кырган, өзгөн кезде пайда болгон чамынды кабырчык*).

**ЗАУ'ТРЕНЯ** *ж. церк.* *христиандардын чиркөөдө эртең мененки ибадаты.*

**ЗАУТЮ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **заутюжить.**

**ЗАУТЮ'ЖИТЬ** *сов. что* үтүктөө, үтүктөп коюу, үтүк менен таптоо, дазмалдоо.

**ЗАУ'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **заучить;** 2. *прил.* жатталган; **заученные наизусть стихи** жаттап алган ыр; **заученные приветствия** мурдатан жаттап койгон куттуктоо.

**ЗАУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **заучить.**

**ЗАУЧИ'ТЬ** *сов. что* жаттоо, жатка үйрөнүү; **заучить стихотворение наизусть** ырды жаттап алуу.

**ЗАУЧИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* окуй берип, үйрөнө берип чарчоо; көп окуп алсыроо.

**ЗАУША'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое: **заушательская критика** ач кыйкырык, куу сүрөөндүү сын.

**ЗАУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое кулак артындагы.

**ЗАФИКСИ'РОВАТЬ** *сов. что* 1. (*отметить записью*) жазып белгилеп коюу; 2. (*окончательно установить*) биротоло тактоо, биротоло аныктоо.

**ЗАФРАХТОВА'ТЬ** *сов. мор.* фрахттоо; **зафрахтовать судно** кемени фрахттоо (*жүк ташуу үчүн кеме жалдоо*).

**ЗАФРАХТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **зафрахтовать.**

**ЗАХАНДРИ'ТЬ** *сов. разг.* ич бышуу, капалануу, бук болуп туталануу.

**ЗАХА'ЯТЬ** *сов. кого-что, разг.* маскаралоо, кордоо, жамандоо.

**ЗАХВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **захвалить.**

**ЗАХВАЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* ашыра мактоо; **молодого артиста захвалили** жаш артистти ашыра мактап жиберишти.

**ЗАХВА'Т** *м.* зордоп алуу, тартып алуу, басып алуу, колго түшүрүү; **захват чужих владений** башка бирөөнүн жерин басып алуу; **захват власти** бийликти тартып алуу; **захват мяча** *спорт.* топту кармап калуу (*в волейболе*).

**ЗАХВА'ТАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **захватать;** 2. *прил.* (*загрязнённый*) кармала берип булганган.

**ЗАХВАТА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* кармап булгоо, кармалап булгоо.

**ЗАХВАТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*взять*) алуу, ала кетүү; **захватить горсть орехов** бир ууч жаңгак алуу; **поезд успел захватить всех пассажиров** поезд бардык пассажирди алып кетүүгө үлгүрдү; 2. *кого-что* (*зацепить*) кыстыра кетүү, кыпчый кетүү, орой кетүү; **машиной захватило край одежды** машина кийимдин четин кыпчый кетти; 3. *кого-что* (*завладеть, завоевать*) зордоп алуу, басып алуу, тартып алуу, колго түшүрүү; **захватить власть** бийликти тартып алуу; **захватить чужую территорию** бөлөк территорияны басып алуу; **захватить пленных** туткундарды колго түшүрүү; 4. *кого-что, разг.* (*взять с собой*) бирге алуу, ала жүрүү, ала кетүү, ала келүү, ала баруу; **захватить все деньги** акчаны бүт ала кетүү; **захватить сына в театр** уулун театрга ала баруу; 5. *кого, разг.* (*застать, застигнуть*) үлгүрүү, кабылуу, үстүнөн чыгуу, кууп жетүү; **захватить на месте преступления** кылмыш кылып жатканда үстүнөн чыгуу; **захватить врасплох** күтпөгөн жерден үстүнөн басып калуу; **захватить дома** *кого-л.* *бирөөнү* үйүнөн табуу; **дождь захватил нас в**

www.bizdin.kg

**ЗАЧА'ТИЕ** *ср.* бойго бүтүп калуу, боюнда болуп калуу.
**ЗАЧА'ТОК** *м.* 1. *биол.* түйүлдүк; 2. *чаще мн., перен.* башы, башталыш; **зачатки новой жизни** жаңы турмуштун башталышы.
**ЗАЧА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое түйүлгөн; **в зачаточном состоянии** түйүлдүк абалында.
**ЗАЧА'ТЬ** *сов. кого, уст.* бойго бүтүп калуу.
**ЗАЧА'ХНУТЬ** *сов.* 1. (*о растении*) кууроо, солуу; 2. *перен.* (*о человеке*) илмийүү, чилмийүү, жүдөө.
**ЗАЧЕ'М** *нареч. вопр. и относ.* эмне үчүн, неге, эмнеге, эмнеликтен; **зачем ты пришёл?** сен эмнеге келдиң?; **вот зачем он пришёл** ушун үчүн келген турбайбы.
**ЗАЧЕ'М-ТО** *нареч.* эмне үчүндүр, негедир, эмнегедир, эмнеликтендир; **он зачем-то приходил вчера вечером** ал эмнегедир кечээ кечинде келип кетти.
**ЗАЧЕРВИ'ВЕТЬ** *сов.* курттоо, курт басуу, курт түшүү; **яблоко зачервивело** алмага курт түштү.
**ЗАЧЁРКИВАТЬ** *несов. см.* **зачеркнуть.**
**ЗАЧЕРКНУ'ТЬ** *сов.* сызып өчүрүү; **зачеркнуть слово** сөздү сызып өчүрүү.
**ЗАЧЕРНЕ'ТЬ** *сов.* карарып көрүнүү; **вдали зачернел лес** алыста карарып токой көрүндү.
**ЗАЧЕРНЕ'ТЬСЯ** *сов.* карарып көрүнө баштоо.
**ЗАЧЕРНИ'ТЬ** *сов. что* карартуу, карайтуу, кара боёкко салуу, кара боёк жабуу.
**ЗАЧЕРПНУ'ТЬ** *сов. что, чего* сузуп алуу; **зачерпнуть воды из колодца** кудуктан суу сузуп алуу.
**ЗАЧЕ'РПЫВАТЬ** *несов. см.* **зачерпнуть.**
**ЗАЧЕРСТВЕ'ЛОСТЬ** *ж.* таш боордонгондук, ырайымсыздангандык.
**ЗАЧЕРСТВЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое 1. катып калган; **зачерствелый хлеб** катып калган нан; 2. *перен.* таш боордонгон, ырайымсызданган; **зачерствелое сердце** ырайымсызданган жүрөк.
**ЗАЧЕРСТВЕ'ТЬ** *сов.* 1. катып калуу, кургап калуу; **хлеб зачерствел** нан катып калды; 2. *перен.* одонолонуу, оройлонуу, ырайымсыздануу, мейримсизденүү.
**ЗАЧЕСА'ТЬ** *сов. что* 1. (*причесать*) тароо; **зачесать волосы кверху** чачты кайра тароо; 2. (*начать чесать*) тарай баштоо.
**ЗАЧЕСА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*начать зудеть*) кычыша баштоо, дүүлүгө баштоо; **у него зачесалась рука** анын колу кычыша баштады; 2. (*начать чесать себе что-л.*) тырмана баштоо, кашына баштоо; 3. (*пригладить себе волосы*) тарануу, сылануу.
**ЗАЧЕ'СТЬ** *сов.* 1. *что* эсеп кылуу, эсептөө, чегерүү; **зачесть десять рублей в уплату долга** он сомду карызын төлөдү деп чегерип коюу; 2. *юр.*: **зачесть срок предварительного заключения** өкүм чыкканга чейин камакта олтурган мөөнөтүн эсепке алуу; 3. (*поставить зачёт*) тапшырды, өткөрдү деп эсептөө; **преподаватель зачёл мне эту работу** мугалим менин бул ишимди тапшырды деп эсептеди.
**ЗАЧЕ'СТЬСЯ** *сов.* эсептелүү, чегерилүү, эсепке кийирилүү; эсеп кылынуу; **этот взнос зачтётся в счёт уплаты долга** бул взнос карыздарды төлөө эсебине кийирилет.
**ЗАЧЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **зачесать.**
**ЗАЧЁСЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **зачесаться** 3; 2. *страд. к* **зачёсывать.**
**ЗАЧЁТ** *м.* 1. (*действие*) ордуна эсеп кылуу, чегерүү; **в зачёт платежа** бересеси үчүн чегерүү; 2. (*в учебном заведении*) зачёт; **сдать все зачёты** бардык зачёттарды өткөрүү; **поставить зачёт** зачёт коюу; 3. *юр.* кошо эсептөө.
**ЗАЧЁТНЫЙ,** -ая, -ое **зачёт**-*ко т.*; зачёттук; **зачётная книжка** зачёт книжкасы; **зачётная сессия** зачёттук сессия.
**ЗАЧИ'Н** *м. лит.* баш, башталыш; **зачин былины** жомоктун башталышы.
**ЗАЧИНИ'ТЬ** *сов. что, разг.* жамоо, жамаачылоо; **зачинить брюки** шымды жамоо.
**ЗАЧИ'НЩИК** *м.* желиктирүүчү, азгыруучу, жолдон чыгаруучу, чатакка түртүүчү.
**ЗАЧИСЛЕ'НИЕ** *ср.* эсепке киргизүү, алуу, кийирүү; **зачисление в штат** штатка алуу; **зачисление в армию** армияга алуу.
**ЗАЧИ'СЛИТЬ** *сов.* 1. *кого* эсепке киргизүү, алуу, кийирүү; **зачислить в штат** штаттын эсебине кийирүү; **зачислить в институт** институтка алуу; 2. (*засчитать*) эсебине жазып коюу; **зачислить в счёт долга** карыздын эсебине жазып коюу; **зачислить на текущий счёт** текущий счётко жазып коюу.
**ЗАЧИ'СЛИТЬСЯ** *сов.* эсепке кирүү, алынуу; **зачислиться в университет** университетке кирүү, университетке алынуу.
**ЗАЧИСЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **зачислить.**
**ЗАЧИСЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **зачислиться;** 2. *страд. к* **зачислять.**
**ЗАЧИТА'ТЬ** *сов. что* 1. (*огласить*) окуп берүү, угуза окуу; **зачитать протокол** протоколду окуп берүү; 2. *разг.* окуймун деп алып, кайрадан бербей коюу (*китепти, журналды*).
**ЗАЧИТА'ТЬСЯ** *сов.* кызыгып окуу, окуй эле берүү; **зачитаться романом** романды окуй эле берүү; **зачитаться до утра** таң атканча окуу.
**ЗАЧИ'ТЫВАТЬ** I *несов. см.* **зачесть.**
**ЗАЧИ'ТЫВАТЬ** II *несов. см.* **зачитать.**
**ЗАЧИ'ТЫВАТЬСЯ** I *несов.* 1. *см* **зачесться;** 2. *страд. к* **зачитывать** I.
**ЗАЧИ'ТЫВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **зачитаться;** 2. *страд. к* **зачитывать** II.
**ЗАЧУМЛЁННЫЙ,** -ая, -ое чума жуккан, чума жайылган.
**ЗАЧУ'ЯТЬ** *сов. кого-что* сезе баштоо, жытын ала баштоо, жыт алуу; **собака зачуяла фазана** ит кыргоолдун жытын сезди.
**ЗАШАГА'ТЬ** *сов.* кадамдай баштоо, баса баштоо; **зашагать по комнате** үй ичинде баса баштоо.
**ЗАШАЛИ'ТЬ** *сов.* тентектик (шоктук) кыла баштоо, шоктоно баштоо.
**ЗАША'РКАТЬ** *сов. разг.* шарпылдата баштоо, шалпылдата баштоо, тарпылдата баштоо, тарпылдатып баса баштоо; **зашаркать ногами** буту менен тарпылдатып баса баштоо.
**ЗАШАТА'ТЬ** *сов.* копшута баштоо, шалкылдата баштоо, копшуп бошото баштоо, чайпалта баштоо, теңселте баштоо; **его зашатало** *безл.* ал теңселе баштады.
**ЗАШАТА'ТЬСЯ** *сов.* копшула баштоо, шалкылдай баштоо, кыймылдай баштоо, чайпала баштоо, теңселе баштоо; **зуб зашатался** тиш шалкылдап калды.
**ЗАШВАРТОВА'ТЬ** *сов. что, мор.* швартоо, шварт менен бекитүү (*токтотуп байлап коюу*).
**ЗАШВАРТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **зашвартовать.**
**ЗАШВЫ'РИВАТЬ** *несов. см.* **зашвырнуть.**
**ЗАШВЫРНУ'ТЬ** *сов. что, разг.* ыргытып жиберүү; **зашвырнуть мяч** топту ыргытып жиберүү.
**ЗАШЕВЕЛИ'ТЬ** *сов. что, чем* козгой баштоо, кыймылдата баштоо.
**ЗАШЕВЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* козголо баштоо, кыймылдай баштоо.
**ЗАШЕЛЕСТЕ'ТЬ** *сов.* шуудурай баштоо.
**ЗАШЕПТА'ТЬ** *сов.* шыбырай баштоо, күбүрөй баштоо; **зашептать на ухо** кулагына шыбырай баштоо.
**ЗАШЕПТА'ТЬСЯ** *сов.* күбүр-шыбыр болуу, шыбырашуу, күбүрөшүү.
**ЗАШЕРША'ВЕТЬ** *сов.* бодурлануу, туурулуу.
**ЗАШИБА'ТЬ** *несов. см.* **зашибить.**
**ЗАШИБИ'ТЬ** *сов. кого-что* уруп алуу, уруп оорутуп алуу, уруп бир жерин томпойтуп алуу.
**ЗАШИВА'ТЬ** *несов. см.* **зашить.**

www.bizdin.kg

**ЗАШИ'КАТЬ** *сов. разг.* кышылдай баштоо, «тшш» дей баштоо (1. *«тынчыгыла» деген мааниде «тшш» деп үн чыгаруу*; 2. *жактырбаган артист же сүйлөп жаткан кишиге карай*).

**ЗАШИПЕ'ТЬ** *сов.* 1. кышылдай баштоо, ышкыра баштоо (*напр. о змее*); шырылдай баштоо, чырылдай баштоо (*напр. о масле на сковороде*); бышылдай баштоо (*напр. о сырых дровах в печи*); шуулдай баштоо (*напр. о шампанском*); кыжылдай баштоо (*при брожении*); 2. *перен. разг.* ачууланып ызырына баштоо, тиштенип ызырына баштоо, каардана баштоо.

**ЗАШИ'ТЬ** *сов. что* тигүү, жамоо; **зашить прорехи** жыртык-тешигин тигип салуу, жыртыктарын жамап коюу; **зашить рану** жараны тигүү.

**ЗАШИФРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **зашифровать;** 2. шифрдалган, шифр менен жазылган; **зашифрованная радиограмма** шифр менен жазылган радиограмма (*башкалар окуй албас белгилер менен жазылган*).

**ЗАШИФРОВА'ТЬ** *сов. что* шифрдоо, шифр менен жазуу.

**ЗАШИФРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **зашифровать.**

**ЗАШНУРОВА'ТЬ** *сов. что* шнурдоо, шнур тагуу, боо өткөрүп байлоо, боо тагуу, бүчүлөө; **зашнуровать ботинки** ботинкеге боо тагуу, ботинкенин боосун байлоо.

**ЗАШНУРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **зашнуровать.**

**ЗАШПАКЛЕВА'ТЬ** *сов. что* шпаклёвкалоо, шпаклёвка кылуу, шыбап бүтөө (*жараканы, кобулду, тешикти өзүнчө бөлөк замазка менен шыбап бүтөө*); **зашпаклевать щели** жылчыктарды шыбап бүтөө.

**ЗАШПАКЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **зашпаклевать.**

**ЗАШПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **зашпилить.**

**ЗАШПИ'ЛИТЬ** *сов. что* төөнөө, шиш төөнөгүч менен бекитүү; **зашпилить волосы** чачты төөнөп салуу.

**ЗАШТА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* заштаттык (*штаттан тышкаркы*); **заштатный чиновник** заштаттык чиновник; ◇ **заштатный город** заштаттык шаар (*падышалык Россияда — уезддин борбору болбогон шаар*).

**ЗАШТЕМПЕЛЕВА'ТЬ** *сов. что* штемпелдөө, штемпель басуу.

**ЗАШТО'ПАТЬ** *сов. что* тордоп жамоо; **заштопать чулки** байпактарды тордоп жамоо.

**ЗАШТРИХОВА'ТЬ** *сов. что* штриховкалоо, найда сызыктар түшүрүп чыгуу.

**ЗАШТУКАТУ'РИТЬ** *сов. что* штукатуркалоо (*шыбоо, шыбап салуу, шыбап коюу*); **заштукатурить стены, потолок** үйдүн дубалдарын, потологун штукатуркалоо.

**ЗАШТУКОВА'ТЬ** *сов. что* тигишин билдирбей жамоо, жигин билгизбей тигүү.

**ЗАШУМЕ'ТЬ** *сов.* чуулдай баштоо, шуулдай баштоо, күүлдөй баштоо, уу-чуу боло баштоо, уу-дуу боло баштоо; **дети зашумели** балдар чуулдай баштады; **море зашумело** деңиз күүлдөй баштады; **лес зашумел** токой шуулдай баштады.

**ЗАШУРША'ТЬ** *сов.* шуудурай баштоо; **зашуршать шёлковым платьем** жибек көйнөктү шуудурата баштоо.

**ЗАШУШУ'КАТЬСЯ** *сов. разг.* шыбыраша баштоо, күбүрөшө баштоо.

**ЗАЩЕБЕТА'ТЬ** *сов.* 1. шакалактай баштоо, сайрай баштоо; **защебетали птицы** куштар сайрай баштады; 2. *перен.* быдылдай берүү, сайрай берүү, быжылдай берүү; чулдурап, былдырап сүйлөй баштоо.

**ЗАЩЕКОТА'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*замучить щекоткой*) аябай кытыгылоо, кытыгылап кыйноо; 2. (*начать щекотать*) кытыгылай баштоо.

**ЗАЩЁЛКА** *ж.* 1. *разг.* (*щеколда*) чык этме тээк (*эшиктики*); 2. (*часть замка*) кулпунун тили.

**ЗАЩЁЛКАТЬ** *сов.* 1. шакылдоо, чыкылдоо, сайрай баштоо; **соловей защёлкал** булбул шакылдап сайрай баштады; 2. *чем* тарс эттирүү, шак (шык) эттирүү, тырсылдатуу; **защёлкать языком** тилин шык эттирүү; **защёлкать пальцами** бармагын тырс эттирүү.

**ЗАЩЁЛКИВАТЬ** *несов. см.* **защёлкнуть.**

**ЗАЩЁЛКНУТЬ** *сов. что* чык эттирип бекитүү; **защёлкнуть дверь** эшикти чык эттире бекитүү.

**ЗАЩЁЛКНУТЬСЯ** *сов.* чык этип бекилүү.

**ЗАЩЕМИ'ТЬ** *сов. что* кыпчытып алуу, кыстырып алуу; **защемить клещами проволоку** сымды аттиш менен кыпчытып алуу; ◇ **защемило на сердце** *безл.* жүрөк зырп этe түштү.

**ЗАЩЕМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **защемить.**

**ЗАЩИПНУ'ТЬ** *сов. что, разг.* кыпчытып алуу, кычкачтап алуу; **защипнуть кусок сахару** бир тоголок кантты кычкач менен кыпчып алуу.

**ЗАЩИ'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **защипнуть.**

**ЗАЩИ'ТА** *ж.* 1. (*оборона, охрана*) коргоо, сактоо, коруу; **защита мира — дело всех народов мира** тынчтыкты сактоо — дүйнөдөгү бардык элдердин иши; 2. жактоо; **защита диссертации** диссертация жактоо; 3. *юр.* жактоо; **защита подсудимого** соттууну жактоо; 4. *собир. юр.*: **свидетели защиты** жактоо тарабындагы күбөлөр; 5. *спорт.* коргоо, коруу; 6. *собир. спорт.* коргоочулар, коруучулар; **превосходная игра защиты** коргоочулардын сонун ойногону; 7. (*прикрытие*) калканч, далда; ◇ **в защиту** актаныш үчүн (*свою*); актоо үчүн (*кого-чего-л.*); **под защитой** жактоосу алдында; **взять под свою защиту** өз колдоосуна алуу.

**ЗАЩИТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое коргой турган, корый турган, жактай турган; **защитительная речь** жактап айтылган сөз.

**ЗАЩИТИ'ТЬ** *сов. см.* **защищать.**

**ЗАЩИТИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **защищаться.**

**ЗАЩИ'ТНИК** *м.* 1. коргоочу, коруучу, жактоочу; **славные защитники родины** родинанын даңктуу коргоочулары; **защитники мира** тынчтыкты жактоочулар; 2. (*адвокат*) жактоочу; 3. *спорт.* (*в футболе, хоккее*) коргоочу, коруучу; **правый защитник** оң жакты коруучу; **левый защитник** сол жакты коруучу.

**ЗАЩИ'ТНИЦА** *женск. р. к* **защитник** 1.

**ЗАЩИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое коргой турган, сактай турган; **защитные лесные полосы** коргой турган токой тилкелери; **защитные очки** көздү сактай турган көз айнек; **защитный цвет** көк саргыл түс, хаки; **защитная окраска** коргогуч түс (*жаныбарлардын түсүнүн айланага окшош болушу*).

**ЗАЩИЩА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* коргоо, коруу, жактоо, сактоо; **защищать родину** родинаны коргоо; **защищать дело мира и безопасности народов** элдердин тынчтык жана коопсуздук ишин жактоо; 2. *кого-что, юр.* жактоо; **защищать подсудимого** соттуу болгон адамды жактоо; 3. *что* жактоо; **защищать диссертацию** диссертация жактоо; 4. *спорт.* коргоо, коруу; **защищать ворота** дарбазаны коргоо; 5. *кого-что* (*предохранять*) калканч болуу; **зонтик защищает от дождя и солнца** зонтик жаан жана күндөн калканч болот; 6. *что* (*отстаивать*) жактоо; **защищать свои взгляды** өз көз карашын жактоо; **защищать свои убеждения** өзүнүн көз карашын жактоо.

**ЗАЩИЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*обороняться*) коргонуу, сактануу; **он защищается с большим упорством** ал аябаган чыдамдуулук менен коргонуп жатат; 2. *спорт.* сактануу, коргонуу; 3. *страд. к* **защищать.**

**ЗАЯВИ'ТЕЛЬ** *м. офиц.* билдирүүчү, арыз ээси, өтүнүүчү, айткан киши.

**ЗАЯВИ'ТЬ** *сов. что, о чём* билдирүү, арыздануу, өтүнүү, айтуу; **заявить о своём желании** өз каалаганын билдирүү; **заявить о своём согласии** өзүнүн макул экендигин билдирүү.

**ЗАЯ'ВКА** *ж.* заявка, билдирме; **сделать заявку** *на что-л.* *бир нерсе жөнүндө* заявка (билдирме) берүү.

www.bizdin.kg

**ЗАЯВЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*устное*) айтуу; **сделать заявление** айтуу; **2.** (*письменное*) арыз; **написать заявление** арыз жазуу; **подать заявление** арыз берүү.

**ЗАЯВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **заявить.**

**ЗАЯ'ДЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* ышкылуу; барып турган, жеткен, өчөшкөн; **заядлый футболист** барып турган футболист; **заядлый враг** өчөшкөн душман.

**ЗА'ЯЦ** *м.* коён; ◇ **ехать зайцем** *разг.* билетсиз жол жүрүү (*поезд, пароход жана башкаларында*); **за двумя зайцами погонишься, ни одного не поймаешь** *посл.* эки кемечин башын кармаган суута кетет; кош коёнду кууган куру калат; **одним ударом двух зайцев убить** *погов.* эки коёнду бир чаап алуу.

**ЗА'ЯЧИЙ,** -ья, -ье **заяц**-*ка т.*; **заячий мех** коён териси; ◇ **заячья губа** *мед.* жырык (*тубаса жырык*).

**ЗВА'НИЕ** *ср.* **1.** наам, атак; **звание Героя Социалистического Труда** Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам; **учёное звание профессора** профессор деген илимий наам; **звание заслуженного артиста** эмгек сиңирген артист деген наам; **присвоить почётное звание** ардактуу наам берүү; **2.** *воен.* наам; **высшее воинское звание** аскердик жогорку наам; **офицерское звание** офицердик наам; **3.** *уст.* (*сословие*) наам; **дворянское звание** дворяндык наам; **тут были люди всякого звания** мында ар түрдүү наамдагы адамдар бар болчу.

**ЗВА'НЫЙ,** -ая, -ое: **званые гости** чакырылган коноктор; **званый обед** чакырылган коноктор менен болгон обед; **званый ужин** чакырылган коноктор менен болгон ужин.

**ЗВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **звательный падеж** *грам.* кайрылуу жөндөмө.

**ЗВАТЬ** *несов. кого* **1.** (*призывать, приглашать*) чакыруу; **звать на помощь** жардамга чакыруу; **звать домой** үйгө чакыруу; **звать к себе в гости** өз үйүнө конокко чакыруу; **2.** (*называть*) атоо; **его зовут Керимом** анын аты Керим; **как тебя зовут?** сенин атың ким?; ◇ **поминай как звали** *разг.* эми анын изин да таппайсың.

**ЗВА'ТЬСЯ** *несов.* аталуу, ... деп аталуу, аты-жөнү ким болуу.

**ЗВЕЗДА'** *ж.* (*мн.* **звёзды**) *в разн. знач.* жылдыз; **небо усеяно звёздами** асман жылдызга толду; **Полярная звезда** Темир Казык жылдызы; **падающая звезда** *астр.* ;ылдый учкан жылдыз; **звезда первой величины** 1) чоң жылдыз; 2) *перен.* өнөрдүн ак чокусу (*эң мыкты артист, музыкант ж. б. жөнүндө*); **звезда экрана** экран жылдызы (*киноискусстводогу эң мыкты артист*); **пятиконечная звезда** беш бурчтуу жылдыз; **орден Красной Звезды** Кызыл Жылдыз ордени, **морская звезда** *зоол.* деңиз жылдызы (*денеси жылдызга окшогон деңиз жаныбары*); ◇ **он звёзд с неба не хватает** өргө чабар өнөрү жок.

**ЗВЁЗДНЫЙ,** -ая, -ое **звезда**-*га т.*; жылдыздуу; **звёздная система** *астр.* жылдыз системасы; **звёздное небо** жылдыздуу асман; **звёздная ночь** жылдыздуу түн; ◇ **звёздный пробег** *спорт.* жылдыз жарыш (*өлкөнүн бардык жерлеринде бир убакта баштала турган спорттук жарышууда бир борборду карай жарышып, аны картага түшүргөндө жылдыз сыяктанып калат*).

**ЗВЕЗДООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое жылдыздай, жылдыз сыяктанган, жылдыз сымак.

**ЗВЕЗДОЧЁТ** *м. уст.* эсепчи; *см.* **астролог.**

**ЗВЁЗДОЧКА** *ж.* **1.** *уменьш. от* **звезда** жылдызча, кичинекей жылдыз; **2.** *полигр.* жылдыз сыяктуу белги; **3.** (*на лбу у скота*) кашка.

**ЗВЕНЕ'ТЬ** *несов.* шыңгыроо, зыңылдоо, чыңылдоо; **звенит колокольчик** коңгуроо шыңгырап жатат; **звенеть шпорами** шпораны шыңгыратуу; **звенеть стаканами** стакандарды шыңгыратуу; ◇ **в ушах звенит** *безл.* кулак зыңылдап турат.

**ЗВЕНО'** *ср.* (*мн.* **звенья**) **1.** тогоо, төңөлүк; **звенья цепи** чынжырдын төңөлүктөрү (тогоолору); **2.** *перен.* (*составная часть чего-л.*) звено; **ухватиться за основное звено** негизги звеного бекем жармашуу, негизги звенону бек кармоо; **3.** (*группа*) звено (*топ*); **пионерское звено** пионер звеносу; **звено самолётов** самолёттор звеносу (*үч самолёттон курулган топ*).

**ЗВЕНЬЕВА'Я** *женск. р. к* **звеньевой;** звеньевая.

**ЗВЕНЬЕВО'Й** *м.* звеньевой, звено башчысы.

**ЗВЕРЁК** *м.* (*мн.* **зверьки**) кичинекей жырткыч айбан.

**ЗВЕРЁНЫШ** *м.* жырткыч айбандын баласы.

**ЗВЕРЕ'ТЬ** *несов.* жырткычтануу, жырткыч мүнөзгө кирүү.

**ЗВЕРИ'НЕЦ** *м.* зверинец (*жабайы айбандарды багуучу жай*).

**ЗВЕРИ'НЫЙ,** -ая, -ое **зверь**-*ге т.*; жырткычтык; **звериные когти** жырткычтын тырмактары; **звериная шкура** жырткычтын териси; **звериный промысел** жырткыч айбандарга аңчылык кылуу; **звериные инстинкты** *перен.* жырткычтык сокур сезим; **звериная ненависть** *перен.* жырткычтарча жек көрүү.

**ЗВЕРОБО'Й** I *м. бот.* чай чөп.

**ЗВЕРОБО'Й** II *м. уст.* (*охотник*) аңчы, мергенчи.

**ЗВЕРОВО'Д** *м.* жапайы айбандарды асыроо жагынан специалист.

**ЗВЕРОВО'ДСТВО** *ср.* жапайы айбандарды асырап өстүрүүчүлүк.

**ЗВЕРОВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **звероводство**-*го т.*; **звероводческий совхоз** *см.* **зверосовхоз.**

**ЗВЕРОЛО'В** *м.* аңчы (*капкан ж. б. куралдар менен аң кармоочу*).

**ЗВЕРОЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое: **зверловный промысел** аң кармоо кесиби.

**ЗВЕРОЛО'ВСТВО** *ср.* жырткыч айбандарды кармоо.

**ЗВЕРОПОДО'БНЫЙ,** -ая, -ое жырткычка окшогон.

**ЗВЕРОСОВХО'З** *м.* аң совхозу (*жапайы айбанаттарды асырап өрчүтүү совхозу*).

**ЗВЕ'РСКИ** *нареч.* **1.** (*жестоко*) жырткычтарча аябай; **зверски избить** *кого-л.* бирөөнү жырткычтарча аябай уруу; **2.** *разг.* (*очень сильно*) абдан, иттей; **я зверски голоден** мен абдан ачмын; **я зверски устал** мен иттей чарчадым.

**ЗВЕ'РСКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*жестокий*) жырткычтарча, ырайымсыз; **зверское убийство** жырткычтарча өлтүрүү; **2.** *разг.* (*очень сильный*) иттей, карышкырдай; **у него зверский аппетит** анын аппетити абдан мыкты.

**ЗВЕ'РСТВО** *ср.* жырткычтык, ырайымсыздык.

**ЗВЕ'РСТВОВАТЬ** *несов.* жырткычтык кылуу, ырайымсыздык кылуу.

**ЗВЕРЬ** *м.* **1.** аң, айбан; жырткыч (*хищный*); **пушной зверь** жүнү асыл айбан; **2.** *перен.* (*жестокий человек*) ырайымсыз, каардуу киши; **смотреть зверем** акырая кароо, жаман көз менен кароо.

**ЗВЕРЬЁ** *ср. собир. разг.* айбанаттар.

**ЗВЕРЮ'ШКА** *ж. разг.* тырмактай жырткыч айбан.

**ЗВОН** *м.* шыңгыроо, кыңгыроо, даңылдоо, шыңгыраган үн, зыңылдоо; **звон колокола** коңгуроонун даңылдашы; **звон стаканов** стакандардын шыңгырашы; ◇ **звон в ушах** кулак зыңылдоо; **слышал звон, да не знает, где он** *погов.* үнүн укканы менен, анын кайдан чыкканын билбейт; билер-билбес калжырай берет; **пошёл звон по всему городу** *разг.* бүткүл шаарга сөз дуулдап тарап кетти.

**ЗВОНА'РЬ** *м. церк.* коңгуроочу, коңгуроо кагып тургуч.

**ЗВОНИ'ТЬ** *несов.* **1.** (*производить звон*) кагуу; **звонить в колокол** коңгуроо кагуу; **2.** (*издавать звон*) даңылдоо, шаңгыроо, шыңгыроо; **колокол звонит** коңгуроо даңылдап жатат; **телефон звонит** телефон шыңгырап жатат; **3.** (*вызывать по телефону*) шыңгыратуу, звонить этүү.

**ЗВО'НКИЙ,** -ая, -ое шаңгыраган, шыңгыраган, шаңкылдаган; **звонкий голос** шаңкылдаган үн; **звонкая песня** шаңкылдаган обон; ◇ **звонкий согласный** *лингв.* жумшак

www.bizdin.kg

үнсүз (*тыбыш*); **звонкая монета** шыңгыраган тыйын (*металл акча: алтын, күмүш ж. б.*).

**ЗВО'НКО** *нареч.* үндү көтөрө, катуу, шаңкылдап; **звонко рассмеяться** шаңкылдап күлүү; **звонко раздаваться** катуу жаңыруу.

**ЗВО'НКОСТЬ** *ж.* шаңгыраактык, шыңгыраактык (*үн жөнүндө*).

**ЗВОНО'К** *м.* коңгуроо; звонок; **электрический звонок** электр коңгуроосу; **дверной звонок** эшик коңгуроосу; **дать звонок** коңгуроо берүү; **раздался звонок** коңгуроонун үнү угулду; **телефонный звонок** телефондун шыңгырашы; **занятия по звонку** коңгуроо боюнча иш.

**ЗВУК** *м.* **1.** тыбыш, дабыш, добуш, үн; **звук голоса** үндүн дабышы; **звуки песни** ырдын дабыштары; **звук выстрела** октун дабышы; **звуки шагов** кадам дабышы; **музыкальный звук** музыканын үнү; **издавать звук** үн чыгаруу; **не издавать ни звука** эч үн чыгарбоо; **посторонний звук** чоочун үн (*радиодо*); **под звуки песни** ырдын үнү алдында; **2.** *лингв.* тыбыш; **гласный звук** үндүү тыбыш; **согласный звук** үнсүз тыбыш; **звуки русского языка** орус тилинин тыбыштары; ◊ **ни звука** тым-тырс; **пустой звук** курулай сөз, бекер сөз.

**ЗВУКОВО'Й,** -а́я, -о́е **звук** 1-*ге т.*; үндүү; **звуковое кино** үндүү кино; **звуковой фильм** үндүү фильм; **звуковая волна** *физ.* үн толкуну; **звуковой сигнал** *воен.* үндүү сигнал; **звуковая разведка** *воен.* башка жактан чыккан үндөрдү (тыбыштарды) кармоочу чалгын.

**ЗВУКОГЛУШИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* тыбышты басандаткыч (*аппарат*).

**ЗВУКОЗА'ПИСЬ** *ж.* үндү жазуу (*сөз, музыка, обонду пластинка, плёнкага жазып алуу*).

**ЗВУКОМЕ'ТРИЯ** *ж.* звукометрия (*үндүн толкуну канчалык созулганын өлчөө аркылуу ыраактыкты билүү*).

**ЗВУКОНЕПРОНИЦА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое тыбыш өткөрбөй турган.

**ЗВУКООПЕРА'ТОР** *м. кино* звукооператор (*киноплёнкага үндү жазып алуу боюнча специалист*).

**ЗВУКОПОДРАЖА'НИЕ** *ср. лингв.* тыбышты тууроо, тыбыш эликтөө (*жаратылыштагы тыбышты туурап, сөз тыбышын жасоо; мис. мяу-мяу, кук-куук*).

**ЗВУКОПОДРАЖА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **звукоподражание**-*ге т.*; **звукоподражательные слова** *лингв.* тууранды сөздөр (*тыбышты, үндү тууураган сөздөр*).

**ЗВУКОПРОВО'ДНОСТЬ** *ж. физ.* тыбыш (үн) өткөргүчтүк; **звукопроводность металлов** металлдардын тыбыш өткөргүчтүгү.

**ЗВУКОПРОВО'ДНЫЙ,** -ая, -ое *физ.* тыбыш (үн) өткөрө турган.

**ЗВУКОПРОВОДЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее *см.* **звукопроводный.**

**ЗВУКОПРОНИЦА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое тыбышты (үндү) өткөрүп жибере турган.

**ЗВУКОСНИМА'ТЕЛЬ** *м. см.* **адаптер.**

**ЗВУКОСОЧЕТА'НИЕ** *ср.* тыбыштардын айкалышы.

**ЗВУКОУЛА'ВЛИВАНИЕ** *ср. тех.* тыбыш (үн) кармоо.

**ЗВУКОУЛА'ВЛИВАТЕЛЬ** *м. тех.* (*аппарат*) тыбыш (үн) кармагыч.

**ЗВУКОУЛОВИ'ТЕЛЬ** *м. см.* **звукоулавливатель.**

**ЗВУЧА'НИЕ** *ср.* тыбыш (үн) чыгаруу, тыбыш (үн) чыгуу.

**ЗВУЧА'ТЬ** *несов.* **1.** (*издавать звук*) тыбыш (үн) чыгаруу, тыбыш (үн) чыгуу, угулуу; **рояль звучит хорошо** роялдын үнү жакшы чыгып жатат; **2.** *перен.* (*раздаваться*) белги туруу; **голос звучит тревогой** үнүндө коркунучтун белгиси турат; **в его голосе звучала радость** анын үнүндө кубанычтын белгиси турду.

**ЗВУ'ЧНО** *нареч.* шаңкылдап, шылдырап; **звучно раздаются голоса** үндөр шаңкылдап чыгат.

**ЗВУ'ЧНОСТЬ** *ж.* заңылдагандык, шаңгырагандык; **звучность оркестра** оркестрдин заңылдагандыгы.

**ЗВУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое шаңкылдаган; заңылдаган, шылдыраган, шаңгыраган, шыңгыраган; **звучная мелодия** шаңкылдаган обон.

**ЗВЯ'КАНЬЕ** *ср.* шылдыроо, шаңгыроо, шыңгыроо, шыңгырт этүү; **звяканье ключей** ачкычтардын шылдырашы.

**ЗВЯ'КАТЬ** *несов. см.* **звякнуть.**

**ЗВЯ'КНУТЬ** *однокр. разг.* шылдырт эттирүү, шыңгырт эттирүү, шыңгыратуу; **звякнуть ключами** ачкычтарды шылдырт эттирүү; ◊ **звякнуть по телефону** *разг.* телефонду шыңгыратып коюу.

**ЗГИ: не видно ни зги** көзгө сайса көрүнгүс караңгы.

**ЗДА'НИЕ** *ср.* имарат, үй; **красивое здание** кооз имарат, татынакай үй; **общественное здание** коомдук үй.

**ЗДЕСЬ** *нареч.* **1.** мында, ушунда, бул жерде, ушул жерде; **здесь живу я** бул жерде мен турам; **кто здесь?** мында ким бар?; **2.** (*надпись на письме*) ушунда (*конверттин сыртына жазылат*); **3.** *перен.* (*в этом деле*) бул иште; мында; **здесь нет ничего плохого** мында эч кандай жамандык жок; **здесь я ничем не могу помочь** мунуңа мен эч кандай жардам бере албайм.

**ЗДЕ'ШНИЙ,** -яя, -ее *разг.* мындагы, ушундагы, бул жердик, ушул жердик; **здешние жители** ушул жердиктер.

**ЗДОРО'ВАТЬСЯ** *несов.* саламдашуу, амандашуу, учурашуу, эсенчиликти сурашуу; **здороваться за руку** кол кармашып амандашуу.

**ЗДОРОВЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* **1.** (*о человеке*) аябаган чоң, күрсүйгөн; **здоровенный парень** күрсүйгөн жигит; **2.** (*о предмете, явлении*) абдан чоң, абдан жоон; **здоровенная дубина** абдан чоң союл; **здоровенный голос** абдан жоон жана катуу үн.

**ЗДОРОВЕ'ТЬ** *несов.* айыга баштоо, сакая баштоо, саламаттыгы оңоло баштоо.

**ЗДОРО'ВИТЬСЯ** *несов. безл. кому*: **мне не совсём здоровится** менин мазам жок; мен бир аз ооруп турам.

**ЗДО'РОВО** *нареч. разг.* **1.** (*очень сильно, много*) аябай, өтө, эң эле, мыкты; **ему здорово попало** ага аябай сокку тийди; **2.** (*очень хорошо*) аябай, укмуштуу, эң жакшы, эң сонун; **вчера мы здорово поработали** кечээ биз аябай иштедик; **этот парень здорово поёт** бул жигит мыкты ырдайт; **эта девушка здорово танцует** бул кыз эң сонун бийлейт; **здорово сделано!** абдан жакшы жасалыптыр!

**ЗДОРО'ВО** *межд. разг.* салам айттык, аманбы; **здорово, приятель!** аманбы, досум!

**ЗДОРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*не больной*) соо, оору эмес, дени соо, таза, таптаза; **здоровый ребёнок** дени соо бала; **здоровое сердце** таза жүрөк; **здоровые лёгкие** соо өпкө; **иметь здоровый вид** өңү таптаза болуу; **2.** *разг.* (*крепкого сложения*) москоол; **здоровый парень** москоол жигит; **3.** (*полезный, не вредный*) жагымдуу (*ден соолукка пайдалуу нерселер*); **здоровая пища** жагымдуу тамак; **здоровый воздух** таза аба; **здоровый мороз** кыйын суук; **4.** *перен.* (*правильный*) дурус, туура, туптуура; **здоровая критика** туура сын; ◊ **будь здоров!** соо бол!, саламат бол! (*при прощании*); ак чүч! (*при чихании*); **будьте здоровы!** (*при прощании*) соо болуңуз!, соо болуңуздар!, саламат болуңуз!, саламат болуңуздар!

**ЗДОРО'ВЬЕ** *ср.* ден соолук, саламаттык; **крепкое здоровье** мыкты саламаттык; **слабое здоровье** начар саламаттык; **отличаться хорошим здоровьем** ден соолугунун жакшы болушу менен айырмалануу; **не беречь здоровья** саламаттыкты сактабоо; **расстроить здоровье** *или* **расшатать здоровье** саламаттыкты бузуп алуу; **как ваше здоровье?** ден соолугуңуз кандай?; **пить за чьё-л. здоровье** биреөнүн саламаттыгы үчүн ичүү; **за ваше здоровье!** сиздин саламаттыгыңыз үчүн!, **на здоровье!** аш болсун!; **кушайте на здоровье!** алыңыз, алыңыз!

**ЗДОРОВЯ'К** *м. разг.* күрсүйгөн, куландан соо киши.

www.bizdin.kg

**ЗДРА'ВИЕ** *ср. уст.* саламаттык; ◇ **здрáвия желáю!** *воен.* соо-саламат болуңуз!

**ЗДРА'ВИЦА** *ж.* тост, тилек сөз; **провозгласи́ть здрáвицу** *за кого-л. бирөөнүн* саламаттыгы үчүн тост көтөрүп, тилек сөз сүйлөө.

**ЗДРА'ВНИЦА** *ж. см.* **санатóрий; здрáвница для туберкулёзных** туберкулёз оорулары үчүн санаторий.

**ЗДРА'ВО** *нареч.* дурус, туура; **здрáво рассуждáть** туура пикир жүргүзүү.

**ЗДРАВОМЫ'СЛИЕ** *ср.* туура ой жүгүртүү.

**ЗДРАВОМЫ'СЛЯЩИЙ,** -ая, -ее туура ойлоочу, дурус көз караштуу; **здравомы́слящий человéк** туура ойлоочу киши.

**ЗДРАВООХРАНЕ'НИЕ** *ср.* саламаттыкты сактоо; **Министéрство здравоохранéния** Саламаттык сактоо министерствосу.

**ЗДРА'ВСТВОВАТЬ** *несов.* **1.** *уст.* (*быть здоровым*) саламат болуу, дени соо болуу; **2.** (*процветать, благополучно существовать*) жашап гүлдөө, жакшы турмушта жашоо; **да здрáвствует нáша социалисти́ческая Рóдина!** жашасын биздин социалисттик Родина!; ◇ **здрáвствуй!** саламатпы!, амanбы!; **здрáвствуйте!** саламатсызбы!, амансызбы!

**ЗДРА'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*толковый, рассудительный*) дурус, жүйөлүү, жөндөмдүү, жакшы; **здрáвый смысл** жүйөлүү маани; **здрáвый ум** жакшы акыл; **быть в здрáвом умé** акыл-эси ордунда болуу; **2.** *уст.* (*здоровый*) аман-эсен, сопсоо; **я здрав и невреди́м** мен аман-эсенмин.

**ЗЕ'БРА** *ж. зоол.* зебра (*Африкадагы кара ала жолдуу жылкы*).

**ЗЕ'БУ** *м. нескл. зоол.* зебу (*Азия менен Африкадагы өркөчтүү топоз*).

**ЗЕВ** *м. анат.* алкым тешиги.

**ЗЕВА'КА** *м. и ж. разг.* аны-муну карап, тим эле басып жүргөн киши; аңкоо, ачык ооз.

**ЗЕВА'ТЬ** *несов.* **1.** эстөө; **зевáть во весь рот** оозду аңырдай ачып эстөө; **зевáть от скýки** зеригип эстөө; **2.** *разг.* (*глазеть*) элейүү, аңкаюу, абайлабоо; ◇ **не зевáй!** куру калба!, бош келбе!

**ЗЕВНУ'ТЬ** *однокр.* бир гана жолу эстөө (*уйку келгенде*).

**ЗЕВО'К** *м.* **1.** эстөө; **подави́ть зевóк** эстебей (токтотуп) калуу; **2.** *перен.* абайсыздан уттуруу, байкоосуз уттуруп коюу.

**ЗЕВО'ТА** *ж.* улам эстегилей берүү, эстегилөө; **на негó напáла зевóта** *разг.* муну эстөө басты.

**ЗЕЛЕНЕ'ТЬ** *несов.* **1.** (*становиться зелёным*) жашылдана баштоо, көгөрө баштоо, көгөрүү; **брóнза от врéмени зеленéет** коло бара-бара жашылдана (көгөрө) баштайт; **поля́ зеленéют** талаа көгөрүп келатат; **2.** (*виднеться — о зелёном*) көгөрүп көрүнүү; **вдали́ зеленéет рóща** алыста көгөргөн токой көрүнөт.

**ЗЕЛЕНИ'ТЬ** *несов. что* жашылдоо, жашыл түскө боёо.

**ЗЕЛЕННО'Й,** -áя, -óе: **зеленнáя лáвка** жашылчалар сатуучу дүкөн.

**ЗЕЛЕНЩИ'К** *м.* жашылча сатуучу.

**ЗЕЛЕНЩИ'ЦА** *женск. р. к* **зеленщи́к.**

**ЗЕЛЁНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жашыл, көк; **зелёный цвет** жашыл түс; **зелёная травá** көк чөп; **зелёный чай** көк чай; **2.** (*растительный*): **зелёные насаждéния** тигилген бак-дарак; **3.** (*недозрелый*) көк, чийки; **зелёные я́блоки** көк алма, чийки алма; ◇ **зелёные щи** ат кулак кошулуп жасалган щи; **зелёный юнéц** боз баш бала; **зелёная ýлица** *ж.-д.* жашыл жол (*семафордун ачык болуп турушу — жолдун ачык экендигин көрсөтөт*); **зелёное удобрéние** жашыл семирткич (*жерди семиртүү максатында себилип, көгөрүп чыккан өсүмдүктөрдү кайта айдап, чымдын астында калтыруу*).

**ЗЕ'ЛЕНЬ** *ж.* **1.** (*растительность*) көк өсүмдүктөр; **зéлень лесóв** көгөргөн токойлор, бак-дарактар; **в зéлени сáда** көгөрүп турган бак-дарактын ичинде; **2.** *собир.* (*овощи*) жашылчалар; **питáться зéленью** жашылчалар менен тамактануу; **продáжа зéлени** жашылчалар сатуу; **3.** (*недозревшие фрукты, овощи*) бышпаган жемиш, дүмбүл жемиш (*о фруктах*); бышпаган жашылча (*об овощах*); **4.** (*зелёный цвет*) жашыл түс; **5.** (*краска*) жашыл боёк; **кры́шу покрáсили зéленью** үйдүн чатырчасын жашыл менен боёшту.

**ЗЕ'ЛЬЕ** *ср. уст.* уу (*уу кошулган ичкилик*); **любóвное зéлье** *фольк.* апжип (*ашык кылуу үчүн берилүүчү ичимдик*).

**ЗЕМЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **земля** 4-*гө т.*; **земéльный учáсток** жер участогу; **земéльная плóщадь** жер аянты; **земéльный надéл** кесип берилген жер; **земéльный фонд** жер фондусу; **земéльное законодáтельство** жер жөнүндө закон чыгаруу *же* закондор жыйнагы; **земéльная рéнта** жер рентасы.

**ЗЕМЛЕВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* жер жөнүндөгү илим, географиялык сабактардын жыйындысы.

**ЗЕМЛЕВЛАДЕ'ЛЕЦ** *м.* жер ээси, жер ээлөөчү киши.

**ЗЕМЛЕВЛАДЕ'ЛЬЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **землевладение**-*ге*, **землевладелец**-*ке т.*

**ЗЕМЛЕВЛАДЕ'НИЕ** *ср.* жер ээлөө, жер ээлөөчүлүк; **госудáрственное землевладéние** мамлекеттик жер ээлөө.

**ЗЕМЛЕДЕ'ЛЕЦ** *м.* дыйкан (*эгин айдап оокат кылуучу*).

**ЗЕМЛЕДЕ'ЛИЕ** *ср.* дыйканчылык (*эгин айдоо менен оокат кылуу*).

**ЗЕМЛЕДЕ'ЛЬЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **земледелие**-*ге*, **земледелец**-*ке т.*; **земледéльческие орýдия** дыйканчылык шаймандары; **земледéльческий райóн** дыйканчылык району.

**ЗЕМЛЕКО'П** *м.* жер казуучу (*жумушчу*).

**ЗЕМЛЕМЕ'Р** *м.* жер ченегич, жер өлчөгүч.

**ЗЕМЛЕМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое жер чене турган; **землемéрные рабóты** жер ченөө иштери.

**ЗЕМЛЕПА'ШЕСТВО** *ср. уст.* дыйканчылык (*эгин айдоочулук*).

**ЗЕМЛЕПА'ШЕЦ** *м. уст.* дыйкан (*эгин айдап оокат кылуучу*).

**ЗЕМЛЕПО'ЛЬЗОВАНИЕ** *ср.* жерди пайдалануу, жерди пайдалануу тартиби.

**ЗЕМЛЕРО'ЙКА** *ж. зоол.* жер казгыч (*чычкандын бир түрү*).

**ЗЕМЛЕРО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое: **землерóйная маши́на** жер казгыч машина.

**ЗЕМЛЕСО'С** *м. тех.* топурак сузгуч (*топуракты сузуп алгыч машина*).

**ЗЕМЛЕТРЯСЕ'НИЕ** *ср.* жер титирөө; **очáг землетрясéния** жер титирөөнүн башталган орду.

**ЗЕМЛЕУСТРО'ЙСТВО** *ср.* жерге орноштуруу (*жерди пайдалануу иштерин жөнгө салуу системасы*).

**ЗЕМЛЕЧЕРПА'ЛКА** *ж. тех.* топурак сузгуч (*суу астындагы топурак, кумду сузуп чыгуучу машина*).

**ЗЕМЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое **1.** топурактуу; **земли́стый песóк** топурактуу кум; **2.** (*о цвете лица*) кубарыңкы, боппоз (*өң*).

**ЗЕМЛЯ'** *ж.* **1.** (*планета*) жер; **земля́ вращáется вокрýг сóлнца** жер күндү тегеренет; **2.** (*суша*) жер; **моряки́ уви́дели на горизóнте зéмлю** моряктар горизонтто жерди көрүштү; **летáть высокó над землёй** жердин үстүндө бийик учуу; **3.** (*почва*) жер, жер кыртышы, топурак; **обрабóтка земли́** жер иштетүү; **ры́хлая земля́** борпоң жер; **тýчная земля́** семиз жер; **пáхотная земля́** айдоо жер; **цели́нные и зáлежные зéмли** дың жана көптөн бери айдалбай жаткан жерлер; **засы́пать ров землёй** аңга топурак толтуруу; **брóсить на зéмлю** жерге таштоо; **4.** (*земельная площадь*) жер; **5.** (*страна*) жер; **чужи́е зéмли** жат жерлер, бөлөк жерлер; ◇ **за тридевять земéль** *фольк.* жердин жети кабатында; **на землé** (*на свете*) жарык дүйнөдө; **сравня́ть**

www.bizdin.kg

**с землёй** жер менен жексен кылуу; **я готóв был сквозь зéмлю провали́ться** мындан көрө жерге кирип кетсемчи.

**ЗЕМЛЯ'К** *м.* жердеш (*бир жерде туулуп, өскөн; бир жерде жашаган киши*).

**ЗЕМЛЯНИ'КА** *ж.* кызылгат.

**ЗЕМЛЯНИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **земляника**-*га т.*; **земляни́чное варéнье** кызылгаттан кайнатылган варенье.

**ЗЕМЛЯ'НКА** *ж.* жер үй, жер там.

**ЗЕМЛЯНО'Й**, -а́я, -о́е **земля** 3-*гө т.*; **землянáя нáсыпь** кырдалган топурак; **землянáя плоти́на** топуректан жасалган плотина; **земляны́е рабóты** жер казуу иштери; **землянóй червь** жер курту.

**ЗЕМЛЯ'ЧЕСТВО** *ср. уст.* жердештер уюму (*жердеш студенттерди бириктирип, аларга оокат жана маданий жагынан жардам берип турүш үчүн түзүлгөн уюм*).

**ЗЕМЛЯ'ЧКА** *женск. р. к* **земля́к**.

**ЗЕМНОВО'ДНЫЕ** *мн.* (*ед.* **земновóдное** *ср.*) *зоол.* кургакта да, сууда да жашоочу (*мис. бака*).

**ЗЕМНО'Й**, -а́я, -о́е **земля** 1-*ге т.*; **земнóй шар** жер шары; **земнáя повéрхность** жер үстү; **земнáя корá** *геол.* жер кабыгы, жер кыртышы; ◇ **земнóй поклóн** *уст.* башты жерге ийе салам айтуу.

**ЗЕ'МСКИЙ**, -ая, -ое **земство**-*го т.*; **зéмское ополчéние** земство ополчениеси; **зéмский собóр** земство собору; **зéмское собрáние** земство чогулушу; **зéмский начáльник** земство начальниги (*падышалык Россияда — белгилүү райондо жашаган дыйкандарга административдик жана сот бийлигин жүргүзүүчү мансап кишиси*).

**ЗЕ'МСТВО** *ср. ист.* земство (*Россияда 1864 жылы киргизилген, составы буржуазиялык-дворяндык болгон, жергиликтүү башкаруу мекемелеринин системасы; губернияда же уездде — ушундай айрым мекеме*).

**ЗЕНИ'Т** *м.* 1. *астр.* зенит (*байкоочунун төбөсүндө асмандагы эң жогорку чекит*); **сóлнце в пóлдень нахóдится в зени́те** чак түштө күн зенитте болот; 2. *перен.* (*высшая степень*) зенит; **он в зени́те слáвы** ал даңктын зенитинде, ал даңктын жеткен жеринде.

**ЗЕНИ'ТКА** *ж. воен. разг.* зенитка (*зениттик замбирек*).

**ЗЕНИ'ТНЫЙ**, -ая, -ое 1. **зенит** 1-*ге т.*; **зени́тное расстоя́ние** зенит аралыгы; 2. *воен.* зениттик (*асмандагы самолётко карап атуучу*); **зени́тный пулемёт** зениттик пулемёт.

**ЗЕНИ'ТЧИК** *м. воен.* зенитчик (*окту асмандагы самолётту карап ата турган замбирекчи*).

**ЗЕНИ'ЦА** *ж. уст.* карек, көз кареги; ◇ **берéчь как зени́цу óка** көздүн карегиндей сактоо.

**ЗЕ'РКАЛО** *ср.* күзгү; **ручнóе зéркало** чөнтөк күзгү; **глáдкий как зéркало** күзгүдөй жылмакай, күзгүдөй тегиз; **кривóе зéркало** 1) кыйшык күзгү (*ар нерсени кыйшык көрсөтө турган күзгү*); 2) *перен.* бузуп, тетири көрсөтүү.

**ЗЕРКА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. **зеркало**-*го т.*; күзгүлүү, күзгү чыгаруучу, күзгүлүк; **зеркáльный завóд** күзгү заводу; **зеркáльное стеклó** күзгү айнеги; **зеркáльный шкаф** күзгүлүү шкаф; 2. *перен.* күзгүдөй; **зеркáльная гладь óзера** көлдүн күзгүдөй тегиз бети; **зеркáльный паркéт** күзгүдөй жалтыраган паркет.

**ЗЕ'РКАЛЬЦЕ** *ср. уменьш.-ласк. от* **зéркало** кичинекей күзгү.

**ЗЕРНИ'СТОСТЬ** *ж.* бүртүктүүлүк; **зерни́стость метáлла** *тех.* металлдын бүртүктүүлүгү.

**ЗЕРНИ'СТЫЙ**, -ая, -ое бүртүктүү; **зерни́стый снег** бүртүктүү кар; **зерни́стая структýра метáлла** *тех.* металлдын бүртүктүү түзүлүшү; **зерни́стая икрá** бүртүк икра.

**ЗЕРНО'** *ср.* 1. дан; **зернó пшени́цы** буудайдын даны; **крýпные зёрна** ири дан; **кóфе в зёрнах** талкаланбаган кофе; 2. *собир.* дан; **зернó храни́тся в амбáре** дан кампада сакталат; **хлеб в зерне́** кызылдаган эгин; ◇ **жемчýжное зернó** берметтин даны; **в егó словáх есть зернó и́стины** мунун сөзүндө чындыктын данеги бар.

**ЗЕРНОВИ'ДНЫЙ**, -ая, -ое бүртүк сымал, дан сымал.

**ЗЕРНОВО'Й**, -а́я, -о́е 1. **зерно**-*го т.*; **зерновы́е злáки** дан өсүмдүктөрү; **зерновы́е и техни́ческие культýры** дан жана техникалык өсүмдүктөр; **зерновóй совхóз** дан совхозу; **зерновóй райóн** дан району; **зерновóе хозя́йство** дан чарбасы; 2. *в знач. сущ.* **зерновы́е** *мн.* дан эгиндери; **сбор зерновы́х** дан эгиндерин жыйноо.

**ЗЕРНОДРОБИ'ЛКА** *ж. с.-х.* дан талкалагыч машина.

**ЗЕРНОДРОБИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *с.-х.*: **зернодроби́льная маши́на** дан талкалай турган машина.

**ЗЕРНООЧИСТИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *с.-х.* дан тазарткыч; **зерноочисти́тельная маши́на** дан тазарткыч машина; **зерноочисти́тельный пункт** дан тазарткыч пункт.

**ЗЕРНООЧИ'СТКА** *ж. с.-х.* дан тазартуу.

**ЗЕРНОСОВХО'З** *м.* (**зерновóй совхóз**) дан совхозу.

**ЗЕРНОСУШИ'ЛКА** *ж. с.-х.* дан кургаткыч.

**ЗЕРНОФУРА'ЖНЫЙ**, -ая, -ое *с.-х.*: **зернофурáжные культýры** жемчөп өсүмдүктөр.

**ЗЕРНОХРАНИ'ЛИЩЕ** *ср. с.-х.* дан сактагыч (сарай), кампа.

**ЗЕРНОЯ'ДНЫЙ**, -ая, -ое *зоол.* дан жегич, дан жей турган (*мис. таок*).

**ЗЁРНЫШКО** *ср. уменьш.-ласк. от* **зернó** кичинекей дан, данек; **я́блочное зёрнышко** алманын данеги.

**ЗЕФИ'Р** *м.* 1. *поэт. уст.* (*ветерок*) желаргы; 2. (*ткань*) зефир (*жука кездеменин бир түрү*); 3. (*род пастилы*) зефир (*кемпуттун бир түрү*).

**ЗЕФИ'РОВЫЙ**, -ая, -ое **зефир** 2-*ге т.*; **зефи́ровая рубáшка** зефир көйнөк.

**ЗИГЗА'Г** *м.* 1. (*линия*) ийри-буйру, ийри-буйру сызык; 2. *перен.* түз жолдон кыйшаюу.

**ЗИГЗАГООБРА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое ийри-буйру сызык сыяктанган; **зигзагообрáзное движéние** ийри-буйру жүрүү.

**ЗИ'ЖДИТЬСЯ** *несов. на чём*, негизделип жатат; **егó мнéние зи́ждется на дóлгом óпыте и глубóких знáниях** анын пикири узакка созулган тажрыйбага жана терең билимге негизделип жатат.

**ЗИМА'** *ж.* кыш; **зимá приближáется** кыш жакындап келатат; **наступи́ла зимá** кыш кирди; **с наступлéнием зимы́** кыш кирер менен, кыш кирер замат; **снéжная зимá** кардуу кыш; **сурóвая зимá** каардуу кыш; **в разгáре зимы́** кыш күчөп турган кезде; **нá зиму** кышка; ◇ **скóлько лет, скóлько зим!** сени (сиз) менен да көрүшөт экенбиз!

**ЗИ'МНИЙ**, -яя, -ее кышкы, кыштык; **зи́мний день** кышкы күн; **зи́мний вéчер** кышкы кеч; **зи́мняя одéжда** кыштык кийим; **зи́мние растéния** кышкы өсүмдүктөр; **зи́мний спорт** кышкы спорт; **зи́мняя спя́чка** кышкы чээнге кирүү (*айбанаттардын кириши*); **зи́мние кварти́ры** *воен.* кыштык квартиралар.

**ЗИМОВА'ТЬ** *несов.* кыштоо, кышты өткөрүү, кыштап чыгуу; ◇ **я емý покажý, где рáки зимýют** *разг.* мен ага акесин таанытам; мен ага көргүлүктү көрсөтөм.

**ЗИМО'ВКА** *ж.* кыштоо, кыштап чыгуу; **остáться на зимóвку на поля́рной стáнции** полярдык станцияда кыштап калуу.

**ЗИМО'ВЩИК** *м.* кыштоочу, кыштап калган киши.

**ЗИМО'ВЬЕ** *ср.* 1. (*стоянка зимовщиков*) кыштоо; 2. (*у животных*) кышкы жайыт.

**ЗИМО'Й** *нареч.* кышында, кышкысын.

**ЗИМОСТО'ЙКИЙ**, -ая, -ое суукка чыдамдуу; **зимостóйкие культýры** суукка чыдамдуу өсүмдүктөр.

**ЗИМОСТО'ЙКОСТЬ** *ж.* суукка чыдамдуулук.

**ЗИПУ'Н** *м. уст.* таардан тигилген жакасыз узун кепсел.

**ЗИЯ'НИЕ** *ср.* аңырайып көрүнүп туруу, түпсүз андан аңырайып көрүнүп турушу.

www.bizdin.kg

**ЗИЯ'ТЬ** *несов.* аңырайып көрүнүү; **зия́ла глубо́кая ра́на** терең жаракат аңырайып көрүндү.

**ЗИЯ'ЮЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **зиять; 2.** *прил.* аңырайып көрүнүп турган; **зия́ющая про́пасть** аңырайып көрүнүп турган түпсүз аң; **зия́ющая ра́на** аңырайып көрүнүп турган жаракат.

**ЗЛА'КИ** *мн.* (*ед.* **злак** *м.*) дан өсүмдүктөр.

**ЗЛА'КОВЫЙ**, -ая, -ое: **зла́ковые расте́ния** дан өсүмдүктөр.

**ЗЛА'ТО** *ср. уст. см.* **зо́лото.**

**ЗЛАТОВЕ'РХИЙ**, -ая, -ое *поэт. уст.* төбөсүнө алтын жабылган (*имарат*).

**ЗЛАТОГЛА'ВЫЙ**, -ая, -ое *поэт. уст.* алтын куполдуу.

**ЗЛАТО'Й**, -а́я, -о́е *поэт. уст. см.* **золото́й** I.

**ЗЛАТОКО'ВАНЫЙ**, ая, -ое *поэт. уст.* нукуру алтындан согуп жасалган.

**ЗЛАТОКУ'ДРЫЙ**, -ая, -ое *поэт. уст.* алтын чач, алтындай саргыч тармал чач.

**ЗЛАТОТКА'НЫЙ**, -ая, -ое *поэт. уст.* алтындан токулган.

**ЗЛАТОЦВЕ'Т** *м.* алтын түс (*өсүмдүк*).

**ЗЛА'ЧНЫЙ**, -ая, -ое *уст.*: **зла́чные ни́вы** талаада жайкалып турган дандуу эгин; ◇ **зла́чное ме́сто** *разг.* бузук иштер кылынуучу жай.

**ЗЛЕ'ЙШИЙ**, -ая, -ее *превосх. ст. от прил.* **злой** ашынган, өтө каардуу; **зле́йший враг** ашынган душман.

**ЗЛИТЬ** *несов. кого* ачуулантуу, ачуусун келтирүү.

**ЗЛИ'ТЬСЯ** *несов. на кого* ачууланyy, ачуусу келүү.

**ЗЛО** I *ср.* **1.** жамандык, кастык; **причини́ть зло** *кому-л. бирөөгө* жамандык кылуу; **пресе́чь зло в ко́рне** жамандыкты түп тамырынан кыркуу; **2.** (*беда, несчастье*) балаа, балакет, кырсык, бакытсыздык; **из двух зол выбира́ть ме́ньшее** *погов.* кулак баштан садага; **ко́рень зла** жамандыктын негизги себеби; **3.** (*досада, злость*) жаал, каар; **зло меня́ берёт** менин каарым келип турат, менин кыжырым кайнайт; **сде́лать** *что-л.* **со зла** каарданган бойдон *бир иш* кылуу, *бир нерсени* ачуусу менен иштеп салуу.

**ЗЛО** II *нареч.* табалап; **зло подшути́ть** *над кем-л. бирөөнү* табалап шылдың кылуу; **зло улыбну́ться** табалап күлүп коюу.

**ЗЛО'БА** *ж.* каар, ачуу, жаал; **пита́ть зло́бу** *против кого-л. бирөөгө каршы* каар тутуу (сактоо); **лицо́ его́ дыша́ло зло́бой** бетинен каары чыгып турду; **зло́ба души́ла его́** ачууланып өлүп кете жаздады; **по зло́бе** жаалданып, ачууланып, жаман ниет менен; ◇ **зло́ба дня** азыркы учурда элди абдан кызыктырган маселе.

**ЗЛО'БНО** *нареч.* каарданып, ачууланып, табалап, каардана, жаалдана; **зло́бно взгляну́ть** каардана кароо; **зло́бно рассмея́ться** табалап күлүү.

**ЗЛО'БНЫЙ**, -ая, -ое каардуу, ачуулуу; **зло́бный враг** каардуу душман; **зло́бный взгляд** ачуулуу көз караш.

**ЗЛОБОДНЕ'ВНОСТЬ** *ж.* азыркы учурда элге эң кызыктуулугу (*маселенин*); **злободне́вность э́той те́мы** бул теманын азыркы учурда элге кызыктуулугу.

**ЗЛОБОДНЕ'ВНЫЙ**, -ая, -ое азыркы учурда элге эң кызык болгон; **злободне́вный вопро́с** азыркы учурда элге эң кызык болгон маселе.

**ЗЛО'БСТВОВАТЬ** *несов.* каардануу, ачууланyy, ачууланып жүрүү, жаалдануу.

**ЗЛОВЕ'ЩЕ** *нареч.* жаман жөрөлгө билдирип, коркунуч туудуруп; **ту́чи злове́ще облега́ли горизо́нт** горизонтту кара булут коркунуч туудуруп каптады.

**ЗЛОВЕ'ЩИЙ**, -ая, -ее жаман жөрөлгөлүү, коркунуч туудуруучу; **злове́щий вид** түнөргөн түс, жаман жөрөлгөлүү түс (кейип); **злове́щая тишина́** жаман жөрөлгөлүү жымжырт.

**ЗЛОВО'НИЕ** *ср.* өтө сасык, каңырсыган (коңурсуган) жаман жыт.

**ЗЛОВО'ННЫЙ**, -ая, -ое өтө сасыган, каңырсыган, коңурсуган; **злово́нный во́здух** өтө сасыган жаман аба.

**ЗЛОВРЕ'ДНОСТЬ** *ж.* өтө зыяндуулук.

**ЗЛОВРЕ'ДНЫЙ**, -ая, -ое өтө зыяндуу; **зловре́дный челове́к** өтө зыяндуу киши.

**ЗЛОДЕ'Й** *м.* шум, шумпай, кара санатай, каардуу, бузуку.

**ЗЛОДЕ'ЙКА** *женск. р.* **к злоде́й.**

**ЗЛОДЕ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое кара санатайлык менен; **злоде́йское уби́йство** кара санатайлык менен өлтүрүү.

**ЗЛОДЕ'ЙСТВО** *ср.* кара санатайлык кылмыш, бузуктук кылмыш; **соверши́ть злоде́йство** бузуктук кылмыш кылуу.

**ЗЛОДЕЯ'НИЕ** *ср. см.* **злоде́йство.**

**ЗЛОЖЕЛА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* кастык ойлогон, арам ойлогон.

**ЗЛОЙ**, -а́я, -о́е **1.** (*полный злобы*) каардуу, заардуу, жаалдуу; **злой хара́ктер** каардуу мүнөз; **злой враг** каардуу душман; **зла́я соба́ка** кабаган ит; **злой язы́к** заардуу тил; **быть злым** *на кого-л. бирөөгө* каарын төгүү, *бирөөгө* каарданып (кекенип) жүрүү; **он зол на всех** ал бардыгына каарданып жүрөт; **2.** (*заключающий в себе зло*) арам; **злой у́мысел** арам ой; ◇ **злой пе́рец** ачуу калемпир (мурч); **злой моро́з** катуу суук.

**ЗЛОКА'ЧЕСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое *мед.* коркунучтуу, жаман, жаман жагына айланган; **злока́чественная о́пухоль** коркунучтуу шишик, жаман шишик.

**ЗЛОКЛЮЧЕ'НИЕ** *ср. уст.* жаман окуя, кездешкен кырсык.

**ЗЛОНАМЕ'РЕННОСТЬ** *ж.* жаман ниеттүүлүк, арам ойлуулук.

**ЗЛОНАМЕ'РЕННЫЙ**, -ая, -ое жаман ниеттүү, арам ойлуу; **злонаме́ренный посту́пок** арам ойлуу кылык-жорук.

**ЗЛОНРА'ВИЕ** *ср. уст.* терс кыялдуулук.

**ЗЛОНРА'ВНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* терс кыял (*мүнөзү жаман киши*).

**ЗЛОПА'МЯТНЫЙ**, -ая, -ое кектүү, кекчил; **злопа́мятный челове́к** кекчил киши.

**ЗЛОПА'МЯТСТВО** *ср.* кектүүлүк, кекчилдик.

**ЗЛОПОЛУ'ЧИЕ** *ср.* жолу болбоо, кырсыкка учуроо.

**ЗЛОПОЛУ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое жолу болбогон, кырсык туш келген, кара жолтой.

**ЗЛОПЫХА'ТЕЛЬ** *м.* көрө албас, жалакор, жөнү жок кыжырдануучу.

**ЗЛОПЫХА'ТЕЛЬСКИЙ**, -ая, -ое көрө албаган, жөнү жок кыжырданган.

**ЗЛОПЫХА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* жек көрүүчүлүк, көрө албоочулук, жөнсүз кыжыры кайноочулук, жалакорлук.

**ЗЛОРА'ДНО** *нареч.* табалап; **злора́дно улыба́ться** табалап жылмая күлүү.

**ЗЛОРА'ДНЫЙ**, -ая, -ое табалаган; **злора́дный хо́хот** табалаган каткырык (күлкү).

**ЗЛОРА'ДСТВО** *ср.* таба, табалоо, таба кылуу, табасы кануу.

**ЗЛОРА'ДСТВОВАТЬ** *несов.* табалоо, таба кылуу, табасы кануу.

**ЗЛОРЕЧИ'ВЫЙ**, -ая, -ое *уст.* уу тил, тили заар, кер какшык.

**ЗЛОСЛО'ВИЕ** *ср.* ушак, жамандоо.

**ЗЛОСЛО'ВИТЬ** *несов.* ушак айтуу, ушактоо, жамандоо.

**ЗЛО'СТНО** *нареч.* өчөшүп, кара санап.

**ЗЛО'СТНОСТЬ** *ж.* кастык, осолдук, каар; **зло́стность наме́рений** ниеттин жамандыгы.

**ЗЛО'СТНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*исполненный зла*) жаман, осол; **зло́стные наме́рения** жаман ниет; **2.** (*сознательно недобросовестный*) арам ойлуу, кара ниет; **зло́стный неплате́льщик** кара ниеттик кылып төлөбөй койгон киши; **3.** (*за-*

www.bizdin.kg

*коренелый*) эзелтен, сөөккө сиңген, өнөкөт болгон; **злóстный престýпник** эзелтен бери кылмышкер; **злóстный клеветни́к** ушакты өнөкөт кылган киши.

**ЗЛОСТЬ** *ж.* кыжыр кайноо, ачуу; **сказáть** *что-л.* **со злóстью** *бир сөздү* кыжырланып туруп айтуу (*ачуусуна чыдабай айтып жиберүү*); **злость берёт меня́** *разг.* менин кыжырым кайнайт, менин каарым келип турат.

**ЗЛОСЧА'СТИЕ** *ср. уст.* бакытсыздык, кара жолтойлук, кырсыгы арылбагандык.

**ЗЛОСЧА'СТНЫЙ,** -ая, -ое бакытсыз, кара жолтой, кырсыктуу.

**ЗЛО'ТЫЙ** *м.* злотый (*Польшада акча единицасы — бир сом сыяктуу*).

**ЗЛОУМЫ'ШЛЕННИК** *м.* арам ойлуу, кара ниет, ниети бузук.

**ЗЛОУМЫ'ШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое арам ой менен, кара ниеттик менен; **злоумы́шленный постýпок** кара ниеттик менен иштелген иш.

**ЗЛОУМЫШЛЯ'ТЬ** *несов. что, уст.* арамдык ойлоо, жамандык ойлоо, кара ниеттеңүү.

**ЗЛОУПОТРЕБИ'ТЬ** *сов. чем* кыянаттык кылуу, жаман ой менен пайдалануу, кыянаттык менен пайдалануу, тескери пайдалануу (*мис. бийликти, кызматты*); **злоупотреби́ть довéрием** ишенимден ыгы жок ашыра пайдалануу; **злоупотреби́ть своим положéнием** өз колундагы бийликти жаман ой менен тескери пайдалануу.

**ЗЛОУПОТРЕБЛЕ'НИЕ** *ср.* кыянат, кыянаттык; жаман ой менен пайдалануу, кыянаттык менен пайдалануу, тескери пайдалануу; **злоупотреблéние влáстью** колундагы бийликти кыянаттык менен жаман ишке пайдалануу; **раскры́ть злоупотреблéние** кыянаттын бетин ачуу.

**ЗЛОУПОТРЕБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **злоупотреби́ть.**

**ЗЛОЯЗЫ'ЧИЕ** *ср. уст.* жаман тилдүүлүк, тили заардык.

**ЗЛОЯЗЫ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое жаман тилдүү, тилинен заар төгүлгөн; **злоязы́чный человéк** тилинен заар төгүлгөн киши.

**ЗЛЮ'КА** *м. и ж. разг.* кара мүртөз, терс кыял, ачуулуу; урушчаак.

**ЗЛЮ'ЧКА** *м. и ж. см.* **злю́ка.**

**ЗЛЮ'ЩИЙ,** -ая, -ее *разг.* өтө каардуу, өтө заардуу.

**ЗМЕЕВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое жыландай, жылан сыяктуу.

**ЗМЕЁНЫШ** *м.* **1.** жыландын баласы; **2.** *перен.* жыландай мыкачы, заардуу киши, зулум.

**ЗМЕИ'НЫЙ,** -ая, -ое **1.** **змея** *1-ге т.*; **змеи́ное жáло** жыландын уу тиши; **змеи́ная кóжа** жылан териси; **2.** *перен.* (*коварный*) табалаган, кытмыр; **змеи́ная улы́бка** кытмыр күлкү, табалаган күлкү.

**ЗМЕИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*извиваться*) жыландай ийрилүү, ийреleңдөө, ийри-буйру болуу; **в густóй пшени́це змеи́тся тропи́нка** калың буудайдын арасы менен, ийри-буйру болуп, жалгыз аяк жол кетет; **2.** *перен.* (*скользить*) жылмың этүү; **по лицý змеи́лась улы́бка** бети күлүмсүрөп турду.

**ЗМЕЙ** *м.* **1.** *уст.* (*змея*) жылан; **2.** *миф.* (*сказочное чудовище*) ажыдаар; **3.** батпирек, батперек; **бумáжный змей** кагаз батперек; **запускáть змéя** батперек учуруу.

**ЗМЕ'ЙКА** *ж. уменьш. от* **змея́** 1 кичине жылан; ◇ **бежáть змéйкой** ийрилеңип агуу, ийри-буйру болуп агуу (*мис. суу*).

**ЗМЕ'ЙКОВЫЙ,** -ая, -ое: **змéйковый аэростáт** метеорологиялык изилдөөлөр жүргүзүүгө арналган батперек-аэростат.

**ЗМЕЯ'** *ж.* **1.** жылан; **ядови́тая змея́** уу жылан, заардуу жылан; **2.** *перен.* (*коварный человек*) арамза, кара санатай, жаман ойлуу.

**ЗНАВА'ТЬ** *многокр. см.* **знать I.**

**ЗНАК** *м.* **1.** (*метка*) белги, тамга; **фабри́чный знак** фабриканын белгиси; **2.** (*признак, проявление*) белги; **прими́те в знак уважéния э́тот подáрок** урматтоонун белгиси катарында ушул белекти алып коюңуз; **окáзывать знáки внимáния** ызат кылуунун белгисин көрсөтүү; **обнарýживать знáки нетерпéния** чыдамсызданып тургандыктын белгисин билдирүү; **в знак протéста** каршылык көрсөтүүнүн белгиси катарында; **молчáние — знак соглáсия** унчукпай калуу — макул экендиктин белгиси; **3.** (*предзнаменование*) белги, жышаан; **дóбрый знак** жакшы жышаан; **4.** (*сигнал*) ишарат; **дéлать (подавáть) знáки рукóй** колду жаңсап ишарат кылуу, кол булгалап белги берүү; **5.** (*предмет, как символ чего-л.*) белги; **знáки отли́чия** көрүнүктүүлүк белгилери (*ордендер, медалдар*); **знáки разли́чия** *воен.* айырмалануу белгилери, даража белгилери (*мис. погондор*); **6.** (*изображение*) белги, тамга; **рýсский алфави́т состои́т из 32 знáков** орус алфавити 32 тамгадан турат; **знáки препинáния** тыныш белгилери; **восклицáтельный знак** илеп белгиси; **вопроси́тельный знак** суроо белгиси; **знак рáвенства** барабардык белгиси; **стенографи́ческие знáки** стенографиялык тамгалар; ◇ **печáтный знак** басма тамгасы (*басмада териле турган тамга*); **дéнежный знак** акча знагы (*кагаз акча*); **почтóвый знак** *или* **знак почтóвой оплáты** почта маркасы; **под знáком** ураан астында.

**ЗНАКО'МИТЬ** *несов. кого с кем-чем* тааныштыруу; **знакóмить** *кого-л.* **с нóвым человéком** *бирөөнү* жаңы киши менен тааныштыруу; **знакóмить с истóрией страны́** өлкөнүн тарыхы менен тааныштыруу.

**ЗНАКО'МИТЬСЯ** *несов.* **1.** *с кем* таанышуу; **знакóмиться с товáрищами** жолдоштор менен таанышуу; **2.** *с чем* көрүп чыгуу, таанышуу, билүү; **знакóмиться с музéями гóрода** шаардын музейлерин көрүп чыгуу; **знакóмиться с обстанóвкой** жагдай менен таанышуу.

**ЗНАКО'МСТВО** *ср.* **1.** тааныштык; **завязáть знакóмство** тааныштык байланыш түзүү; **заводи́ть знакóмство** тааныша жүрүү; **шáпочное знакóмство** өң тааныш, саламдашуудан ашпаган тааныштык; **поддéрживать знакóмство** *с кем-л. бирөө менен* тааныштыкты улантуу; **прекрати́ть вся́кое знакóмство** *с кем-л. бирөө менен* тааныштыкты таптакыр токтотуу; **2.** (*круг знакомых*) тааныштар; **больши́е знакóмства** тааныштары көп; **3.** (*наличие знаний*) билгендик; **знакóмство с литератýрой, истóрией** адабиятты, тарыхты билгендик.

**ЗНАКО'МЫЙ,** -ая, -ое **1.** тааныш; **быть кóротко знакóмым** *с кем-л. бирөө менен* жакын тааныш болуу; **егó лицó мне знакóмо** анын өңү мага тааныш; **2.** (*знающий*) билген; **охóтник, знакóмый с кáждой тропи́нкой** коёндун жатагынан өйдө билген аңчы; **3.** *в знач. сущ.м., ж.* тааныш; **мой хорóший знакóмый** менин жакшы таанышым.

**ЗНАМЕНА'ТЕЛЬ** *м. мат.* бөлүүчү; **наимéньший óбщий знаменáтель** эң кичине орток бөлүүчү; **привести́ к одномý знаменáтелю** 1) бир бөлүүчүгө алып келүү; 2) *перен.* бир калыпка салуу.

**ЗНАМЕНА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* айрыкча маанилүүлүк; **знаменáтельность собы́тия** окуянын айрыкча маанилүүлүгү.

**ЗНАМЕНА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое айрыкча маанилүү; **знаменáтельные собы́тия** айрыкча маанилүү окуялар; ◇ **знаменáтельные словá** өзүнчө мааниси бар сөздөр (*зат атооч, сын атооч, этиштер жана тактооч*).

**ЗНА'МЕНИЕ** *ср.* нишаан, жышаан, белги; ◇ **знáмение врéмени** белгилүү бир убакыт үчүн мүнөздүү болгон коомдук кубулуш.

**ЗНАМЕНИ'ТОСТЬ** *ж.* атактуу киши, даңктуу киши; **стать знамени́тостью** даңктуу киши болуп калуу.

**ЗНАМЕНИ'ТЫЙ,** -ая, -ое атактуу, даңктуу; **знамени́тый писáтель** атактуу жазуучу.

**ЗНАМЕНОВА'ТЬ** *несов. что* белгилөө.

**ЗНАМЕНО'СЕЦ** *м.* туучу, туу көтөрүүчү, туу көтөргөн (киши).

**ЗНА'МЯ** *ср.* туу; **полковóе знáмя** полктун туусу; **Крáсное Знáмя** Кызыл Туу; **водрузи́ть знáмя** туу орнотуу;

www.bizdin.kg

**зна́мя коммуни́зма** коммунизм туусу; ◇ **под зна́менем** *чего-л. бир нерсенин* туусу алдында.

**ЗНА'НИЕ** *ср.* 1. (*наука*) билим; **о́бласть зна́ния** билимдин чөйрөсү; **в како́й о́бласти зна́ния?** билимдин кайсы чөйрөсүндө?; 2. (*знакомство с чем-л.*; *умение*) билүү, билим; **зна́ние запро́сов и интере́сов масс** көпчүлүктүн талабын жана муктажын билүү; **де́лать** *что-л.* **со зна́нием** **де́ла** иштин жайын билип туруп иштөө; **зна́ние — си́ла** күч — билимде, билим — күч; 3. **зна́ния** *мн.* маалымат, билим; **облада́ть зна́ниями** маалыматтуу болуу, маалыматка ээ болуу; **глубо́кие зна́ния** терең маалымат; **пове́рхностные зна́ния** тайыз маалымат; **повыша́ть зна́ния** билимди көтөрүү; **передава́ть свои́ зна́ния** өз билимин (*башкаларга*) берүү.

**ЗНА'ТНОСТЬ** *ж.* атактуулук.

**ЗНА'ТНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*о выдающихся людях*) атактуу; **зна́тный колхо́зник** атактуу колхозчу; **зна́тный трактори́ст** атактуу тракторчу; 2. *уст.* (*принадлежащий к знати*): **зна́тный род** ата-бабалары ак сөөк; 3. *разг.* (*хороший*) мыкты, сонун; **зна́тный конь** мыкты, сонун ат.

**ЗНАТО'К** *м.* билгич; **знато́к своего́ де́ла** өз ишинин билгичи; **знато́к иску́сства** искусствонун билгичи.

**ЗНАТЬ** I *несов.* 1. *о ком-чём* (*иметь сведения*) билүү; **я зна́ю о ва́шем реше́нии** мен силердин чечиминерди билем; 2. *что* (*обладать знанием, знаниями*) билүү; **знать уро́к** сабакты билүү; **знать наизу́сть** жатка билүү; **хорошо́ знать языки́** тилдерди жакшы билүү; **знать ремесло́** кол өнөрүн билүү; **знать своё де́ло** өз ишин билүү; 3. *кого-что* (*быть знакомым*) таануу; **я его́ совсе́м не зна́ю** мен аны таптакыр тааныбайм; **знать** *кого-л.* **в лицо́** *бирөөну* өңүнөн таануу; **знать** *кого-л.* **по и́мени** *бирөөнү* атынан таануу; **знать** *что-л.* **понаслы́шке** ар кайсыдан угуп гана билүү; 4. *что, о ком-чём* (*понимать, быть осведомлённым*) кабардар болуу, билүү; **я зна́ю, что он уе́хал** анын кеткенин билем; **я об э́том ничего́ не зна́ю** бул жөнүндө мен эчтеме билбеймин; **наско́лько я зна́ю** менин билишиме караганда; **как я могу́ об э́том знать?** муну мен кайдан билейин?; 5. *что* (*испытывать, переживать*) көрүү, баштан өткөрүү; **он не знал поко́я ни днём ни но́чью** ал күндүр-түндүр эч тыным көргөн жок; ◇ **дать знать** *кому-л. бирөөгө* угузуп, билдирип коюу; **дать знать о себе́** өзү жөнүндө бир кабар берүү; **э́то даёт себя́ знать** бул өзү эле билинип, сезилип турат; **знать ме́ру** чекти билүү, өз алын билүү; **знать не зна́ю** *разг.* уккан да эмесмин, көргөн да эмесмин, билбейм да; **почём знать!** *или* **как знать!** *или* **кто зна́ет!** ким билет!; **зна́ешь что** *вводн. сл.* мен сага айтсам; **зна́ешь что, он сего́дня не придёт** мен сага айтсам, бүгүн ал келбейт; **знай себе́** *разг.* элебей эле, болбостон эле; **он знай себе́ ест** ал болбостон эле жей берет; **они́ то́лько и зна́ют, что браня́тся** алардын тилдешкени тилдешкен; **знать не хо́чет** *разг.* көзүнө илбейт, капарына да кирип чыкпайт.

**ЗНАТЬ** II *ж. собир. уст.* ак сөөктөр (*дворяндар же чиновниктердин жогорку катмары*).

**ЗНАТЬ** III *вводн. сл. разг.* кейпи, ыктымал, мүмкүн, балким.

**ЗНА'ТЬСЯ** *несов. с кем, разг.* таанышуу, тааныш болуу; **он с тобо́й и зна́ться не хо́чет** ал сени теңине да албайт.

**ЗНА'ХАРКА** *ж.* эмчи-домчу, дарымчы (аял), бүбү.

**ЗНА'ХАРСКИЙ**, -ая, -ое **знахарь**-*га*, **знахарство**-*го т.*; **зна́харские приёмы** эмчи-домчу, дарымчылардын *ж. б.* ыкмалары.

**ЗНА'ХАРСТВО** *ср.* эмчи-домчулук, дарымчылык; бакшылык.

**ЗНА'ХАРЬ** *м.* эмчи-домчу, дарымчы, бакшы.

**ЗНА'ЧАЩИЙ**, -ая, -ее *прич. от* **зна́чить**; мааниси бар; **ма́ло зна́чащий** аз гана мааниси бар; **ничего́ не зна́чащий** эч мааниси жок.

**ЗНАЧЕ'НИЕ** *ср.* маани, барк, мазмун; **буква́льное значе́ние** сөзмө-сөз мааниси; **прямо́е значе́ние** түз мааниси; **перено́сное значе́ние** өтмө мааниси; **реша́ющее значе́ние** чечүүчү маани; **всеми́рно-истори́ческое значе́ние** бүткүл дүйнөлүк-тарыхый маани; **име́ть значе́ние** мааниси болуу; **придава́ть большо́е значе́ние** зор маани берүү; **не име́ет значе́ния** барkы жок, эч маанисиз.

**ЗНА'ЧИМОСТЬ** *ж.* маанилүүлүк, барктуулук; **социа́льная зна́чимость** социалдык мааниси.

**ЗНА'ЧИМЫЙ**, -ая, -ое маанилүү, барктуу.

**ЗНА'ЧИТ** *вводн. сл.* демек; **зна́чит, пора́ е́хать?** демек, жөнөш керек экен да?; жөнөөр убак болгон экен да?

**ЗНАЧИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* 1. (*намного*) бир далай, бир кыйла; **значи́тельно лу́чше** бир кыйла жакшы; **значи́тельно превосхо́дит** бир далай өйдөлүк кылат; 2. (*выразительно*) бир сыр менен, маанилүү; **значи́тельно посмотре́ть** маанилүү кароо.

**ЗНАЧИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* барктуулук, орчундуулук, маанилүүлүк, олуттуулук; **значи́тельность собы́тия** окуянын барктуулугу, окуянын олуттуулугу.

**ЗНАЧИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*большой*) бир далай, бир кыйла; **значи́тельная су́мма** бир далай акча; **значи́тельный успе́х** бир кыйла жетишкендик; **в значи́тельной ме́ре** бир кыйла өлчөмдө; 2. (*важный*) барктуу, орчундуу, маанилүү, олуттуу; **значи́тельные собы́тия** орчундуу окуялар; 3. (*выразительный*) салмактуу, маанилүү; **значи́тельный взгляд** салмактуу көз караш; **значи́тельные слова́** маанилүү сөздөр.

**ЗНА'ЧИТЬ** *несов. что* бир мааниси болуу, бир маанини билдирүү; **э́то мно́го зна́чит** мунун мааниси көп; **что э́то зна́чит?** мунун мааниси эмнеде?, мында эмне маани бар?; **э́то ничего́ не зна́чит** мунун эч мааниси жок; **вот что зна́чит быть неосторо́жным** байкабастын акыры ушул экенго; **э́то что́-нибудь да зна́чит** мунун да кандайдыр бир мааниси бар, бул да бирдемеге арзыйт.

**ЗНА'ЧИТЬСЯ** *несов.* бар болуу, деп эсептелүү; **он зна́чится в спи́ске** ал тизмеде бар; **он зна́чится в о́тпуске** ал отпускада деп эсептелет.

**ЗНАЧО'К** *м.* 1. значок (*официалдуу уюмга таандык кишинин көкүрөгүнө тагылуучу белги; бул — калай жана башка металлдардан жасалат*); **университе́тский значо́к** университет значогу; 2. (*пометка*) белги; **значки́ на поля́х кни́ги** китептин актай жерлерине коюлган белгилер.

**ЗНА'ЮЩИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **знать** I; 2. *прил.* (*опытный*) билген, тажрыйбалуу; **зна́ющий врач** тажрыйбалуу врач, билген врач.

**ЗНОБИ'ТЬ** *несов. безл. кого* калтыратуу, чыйрыктыруу; **меня́ зноби́т** мени чыйрыктырып турат, мен чыйрыгып турам.

**ЗНОЙ** *м.* какшыма ысык, күндүн ысыктыгы, күндүн үп болуп турушу; **полу́денный зной** түшкү ысык.

**ЗНО'ЙНЫЙ**, -ая, -ое ысык, какшыма; **зно́йный день** ысык күн.

**ЗОБ** *м.* 1. (*у птиц*) жемсөө; 2. *мед.* богок.

**ЗОБА'СТЫЙ**, -ая, -ое *разг.* 1. (*о птицах*) жемсөөлүү; 2. (*о человеке*) богоктуу, богогу салаңдаган.

**ЗОБА'ТЫЙ**, -ая, -ое *мед.* богоктуу, богок менен оорулуу (*киши*).

**ЗО'БНЫЙ**, -ая, -ое **зоб**-*го т.*; **зо́бная железа́** богок бези.

**ЗОВ** *м.* чакырык, чакыруу; **прийти́ по пе́рвому зо́ву** биринчи чакырык боюнча келүү; **откли́кнуться на зов** чакырыкка жооп кайтаруу.

**зову́, зовёшь** *и т. д. наст. вр. от* **звать.**

**зову́сь, зовёшься** *и т. д. наст. вр. от* **зва́ться.**

**ЗОДИА'К** *м. астр.* зодиак (*он эки бөлөк топ жылдызды ичине алган, планеталар жүрүүчү кырчоо; бул он эки жылдыздын ар биреөнүн аты бар, мис. Тараза, Чаян, Арстан ж. б.*); **зна́ки зодиа́ка** зодиак белгилери.

www.bizdin.kg

**ЗОДИАКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **зодиак**-*ка т.*; **зодиака́льный свет** зодиак жарыгы.

**ЗО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **зодчество**-*го т.*; зодчийлик; **зо́дческое иску́сство** зодчийлик искусство.

**ЗО'ДЧЕСТВО** *ср.* зодчество; *см.* **архитекту́ра.**

**ЗО'ДЧИЙ** *м.* зодчий; *см.* **архите́ктор.**

**зол** I *род. п. мн. от* **зло.**

**зол** II, **зла, зло** *прил. кратк. ф. от* **злой.**

**ЗОЛА'** *ж.* күл (*оттун күлү*).

**ЗОЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое күлдүү.

**ЗОЛИ'ТЬ** *несов. что* күл менен ашатуу (*теринин жүнүн жыдытыш үчүн*).

**ЗОЛО'ВКА** *ж.* кайын синди, кайын эже (*күйөөнүн эжеси же карындашы*).

**ЗОЛОТИ'СТЫЙ,** -ая, -ое алтын сымал, алтын түстүү; **золоти́стые во́лосы** алтын чач.

**ЗОЛОТИ'ТЬ** *несов. что* **1.** алтындын буусуна кармоо, жука алтынды каптоо; **золоти́ть ло́жки** кашыктарды алтындын буусуна кармоо; **2.** *перен.* (*окрашивать в золотой цвет*) алтын түстөнтүү; **со́лнце золоти́ло верху́шки гор** күн тоонун чокуларын алтын түсүндөгү нурга бөлөдү.

**ЗОЛОТИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*становиться золотым*) алтын сыяктануу, алтынга окшоо; **пшени́ца золоти́тся** буудай алтынга окшоп турат, буудай алтындай саргарып турат; **2.** (*блестеть — о золотом, золотистом*) алтындай саргарып көрүнүү.

**ЗОЛОТНИ'К** I *м.* (*мера веса*) мыскал (*4,25 граммга барабар*); ◇ **мал золотни́к, да до́рог** *посл.* сакадай бою сары алтын; аз болсо да жакшы.

**ЗОЛОТНИ'К** II *м. тех.* золотник (*буу машинасында бууну бөлүп берип туруучу механизм*).

**ЗОЛОТНИКО'ВЫЙ** I, -ая, -ое **золотник** I *ге т.*

**ЗОЛОТНИКО'ВЫЙ** II, -ая, -ое **золотник** II-*ге т.*; **золотнико́вая коро́бка** золотник кутусу.

**ЗО'ЛОТО** *ср.* **1.** алтын; **чи́стое зо́лото** таза алтын, нукура алтын; **зо́лото в сли́тках** жамбы алтын, куюлган алтын; **самоpо́док зо́лота** *см.* **самоpо́док** I; **черво́нное зо́лото** кызыл алтын; **2.** *собир.* (*в золотой валюте*) дилде, алтын (*алтын акча*); **сто рубле́й зо́лотом** алтын эсебинде жүз сом; **3.** (*позолоченные нити*) алтын жип; **ши́тый зо́лотом** алтын жип өткөрүлгөн; **4.** *перен. разг.* алтын; **э́тот рабо́тник — зо́лото** бул кызматкер — алтын; **зо́лото моё!** (*обращение*) алтыным!; ◇ **не всё то зо́лото, что блести́т** *посл.* жалтырагандын баары эле алтын боло бербейт.

**ЗОЛОТОВОЛО'СЫЙ,** -ая, -ое алтын чач, алтын чачтуу, алтындай саргыч чач.

**ЗОЛОТОИСКА'ТЕЛЬ** *м.* алтын издөөчү (тапкыч).

**ЗОЛОТО'Й** I, -а́я, -о́е **1. золото** 1-*ге т.*; алтын; **золоты́е при́иски** алтын табылуучу жер; **золото́й песо́к** алтындуу кум; **золота́я моне́та** алтын акча, дилде; **золота́я валю́та** алтын валюта; **золото́е кольцо́** алтын шакек; **золото́й запа́с** алтын запасы; **2.** (*золотистый*) алтын түстөнгөн, алтын түстүү; **золоты́е ку́дри** алтын түстүү тармал чач; **3.** (*счастливый*) жыргал; алтын; **золота́я пора́** жыргал мезгил; **золото́й век** жыргал доор, алтын доор (*кой үстүнө торгой жумурткалаган заман*); **4.** *перен.* (*замечательный*) алтындай сонун, алтын; **золото́й рабо́тник** алтындай кызматкер; **золоты́е ру́ки** алтын кол (*колунан көөр төгүлгөн*); **он золото́й челове́к** ал алтын киши; **золоты́е слова́** алтындай сөздөр; **золото́й мой!** (*обращение*) алтыным!; ◇ **золото́е дно** *разг.* үкүнүн уясы, май чуңкур; **сули́ть золоты́е го́ры** жыргатам деп убада берүү; **золоты́х дел ма́стер** заргер; **золота́я о́сень** алтын күз (*жердин жүзү саргарган кез*); **золота́я середи́на** алтын орто (*маселени чечүүдө аша чаппай, өтө кемибей ортодо болуу*).

**ЗОЛОТО'Й** II *м.* дилде (*алтын акча*).

**ЗОЛОТОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое алтындуу, алтыны бар, алтын чыга турган; **золотоно́сный песо́к** алтындуу кум.

**ЗОЛОТОПРОМЫ'ШЛЕННИК** *м.* алтын кенинин ээси.

**ЗОЛОТОПРОМЫ'ШЛЕННОСТЬ** *ж.* алтын өнөр жайы (*алтын табуучу өнөр жай*).

**ЗОЛОТОПРОМЫ'ШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое алтын өнөр жайлуу; **золотопромы́шленный райо́н** алтын өнөр жайлуу район.

**ЗОЛОТУ'ХА** *ж. мед.* эн, булак (*оору*).

**ЗОЛОТУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* эндүү, булак оорулуу, булак оорусу бар; **золоту́шный ребёнок** булак орулуу бала.

**ЗОЛОЧЕ'НИЕ** *ср.* алтындын буусуна кармоо, сыртына алтын каптоо.

**ЗОЛОЧЁНЫЙ,** -ая, -ое алтындын буусуна кармалган, алтын капталган; **золочёные ло́жки** алтындын буусуна кармалган кашыктар.

**ЗО'ЛЬНИК** *м. тех.* **1.** (*у парового котла*) күл түшөр (*буу казандын эң астында, оттун күлү түшө турган жери*); **2.** (*раствор*) зольник (*терини ашатыш үчүн күл кошулган акиташ*); **3.** (*чан*) зольник (*тери ашатуучу чоң челек*).

**ЗО'НА** *ж.* зона (*табият илиминде айрым белгилери кошула келгенде бирдей болгон жер шарынын тилкелери*); **по́чвенная зо́на** жер кыртышынын зонасы; **зо́на расти́тельности** өсүмдүктөр зонасы; **пограни́чная зо́на** чек аралык зона; **зо́на артиллери́йского огня́** артиллериянын огу алдындагы зона.

**ЗОНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое зоналык (*жери, климаты, топурагы ж. б. бирдей*); **зона́льная гру́ппа расте́ний** өсүмдүктөрдүн зоналык тобу.

**ЗОНД** *м.* зонд (**1.** *мед. кишинин ичин тазалоо жана текшерүү үчүн колдонула турган түтүкчө аспап*; **2.** *метеорологиялык байкоолор үчүн колдонула турган кичинекей аэростат*; **3.** *тех. жердин кыртышын текшерүү үчүн колдонулуучу бурао*).

**ЗОНДИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что мед.* зонддоо (*зонд менен текшерүү, изилдөө*); ◇ **зонди́ровать по́чву** байкаштырып көрүү, жибин тартып көрүү.

**ЗОНТ** *м.* зонт, кол чатыр.

**ЗО'НТИК** *м.* зонтик, кол чатырча.

**ЗОНТИКООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое чатырга окшогон; **зонтикообра́зное соцве́тие** *бот.* чатырга окшош топ гүл.

**ЗО'НТИЧНЫЕ** *мн.* (*ед.* **зо́нтичное** *ср.*) *бот.* чатыр гүлдөр, чатыр гүлдүүлөр.

**ЗООВЕТЕРИНА'РНЫЙ,** -ая, -ое зооветеринардык; **зооветерина́рный пункт** зооветеринардык пункт.

**ЗООГЕОГРА'ФИЯ** *ж.* зоогеография (*жер шартына жараша айбанаттардын кандайча бөлүнүшү жөнүндөгү илим*).

**ЗОО'ЛОГ** *м.* зоолог (*зоология жагынан окумуштуу, специалист*).

**ЗООЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое зоологиялык; **зоологи́ческий парк** зоологиялык парк.

**ЗООЛО'ГИЯ** *ж.* зоология (*айбанаттар жөнүндөгү илим*).

**ЗООМОРФИ'ЗМ** *м.* зооморфизм (*бутка табынуучуларда кудайды айбанга окшош деп билүү*).

**ЗООПА'РК** *м.* зоопарк (*зоологиялык парк*).

**ЗООСА'Д** *м.* зоосад (*зоологиялык бак*).

**ЗООТЕ'ХНИК** *м.* зоотехник (*мал чарбачылыгы зоотехника жагынан специалист*).

**ЗООТЕ'ХНИКА** *ж.* зоотехника (*мал чарбасын өнүктүрүү жөнүндөгү илим*).

**ЗООТЕХНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое зоотехникалык; **зоотехни́ческие приёмы** зоотехникалык ыкмалар (*колдонула турган жолдор*).

**ЗООФЕ'РМА** *ж.* зооферма (*жүнү асыл жапайы айбандарды асырап жана өстүрө турган ферма*).

**ЗО'РКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*проницательный*) көзү курч, көрөгөч; **2.** *перен.* (*бдительный*) кыраакы.

**ЗО'РКОСТЬ** *ж.* **1.** (*проницательность*) көзү курчтук, көрөгөчтүк; **зо́ркость взгля́да** караганда көздүн курчтугу; **2.** *перен.* (*бдительность*) кыраакылык.

www.bizdin.kg

**ЗРАЧКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **зрачок**-*ко т.*; **зрачко́вые не́рвы** *анат.* каректин нервдери.

**ЗРАЧО'К** *м.* карек (*көздүн кареги*); **расши́ренные зрачки́** чоңоюп кеткен каректер.

**ЗРЕ'ЛИЩЕ** *ср.* **1.** көрүнүш; **зре́лище пожа́ра** өрттүн көрүнүшү; **зака́т со́лнца в гора́х — замеча́тельное зре́лище** тоодо күндүн батышы — бир сонун көрүнүш; **2.** *театр.* оюн, тамаша; **ма́ссовые зре́лища** көпчүлүк үчүн оюн-тамаша.

**ЗРЕ'ЛИЩНЫЙ,** -ая, -ое оюн көрсөтө турган; **зре́лищные предприя́тия** оюн көрсөтө турган жайлар.

**ЗРЕ'ЛО** *нареч.* жеткире; **зре́ло обду́мать** *что-л.* *бир нерсени* жеткире ойлонуу.

**ЗРЕ'ЛОСТЬ** *ж.* **1.** (*состояние организма*) бойго жеткендик, жетилгендик, толгондук; **дости́гнуть зре́лости** бойго жетүү; жетилүү; **2.** *перен.* жетилгендик; **полити́ческая зре́лость** саясий жактан жетилгендик; **зре́лость мы́сли** ойдун өсүп жетиши; ◇ **аттеста́т зре́лости** жетилүү аттестаты.

**ЗРЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*созревший, спелый*) бышкан; **зре́лая пшени́ца** бышкан буудай; **зре́лые я́годы** бышкан жемиш; **2.** (*о возрасте*) бойго жеткен, толгон; **зре́лый во́зраст** толгон жаш; **зре́лая пора́** толуп турган кез; **3.** *перен.* (*обдуманный, взвешенный*) ойлонуп жеткен; **зре́лое реше́ние** ойлонуп жеткен чечим; **зре́лая мысль** жакшы ойлонулган пикир; **по́сле зре́лого размышле́ния** жакшылап ойлонулгандан кийин.

**ЗРЕ'НИЕ** *ср.* көрүү; **о́рган зре́ния** көрүү органы; **име́ть хоро́шее зре́ние** жакшы көрө алуу; көзү курч болуу; **сла́бое зре́ние** начар көрүү; **расстро́йство зре́ния** көздүн бузулушу; **потеря́ть зре́ние** *или* **лиши́ться зре́ния** сокур болуп калуу, көздөн ажырап калуу; ◇ **то́чка зре́ния** көз караш; **под угло́м зре́ния** белгилүү бир тараптан, жагдай боюнча карап; **по́ле зре́ния** 1) көрүнүп турган мейкин; 2) *перен.* ой-пикиринин көлөмү; **обма́н зре́ния** тескери көрүү, көзгө адатып коюу.

**ЗРЕТЬ** *несов.* **1.** (*созревать*) быша баштоо; **я́блоки зре́ют** алма быша баштады; **2.** *перен.* (*достигать полного развития*) өсүп жетиле баштоо.

**ЗРИ'МЫЙ,** -ая, -ое көрүнүп турган; **зри́мый мир** көзгө көрүнүп турган дүйнө.

**ЗРИ'ТЕЛЬ** *м.* көрүүчү; **места́ для зри́телей** көрүүчүлөр үчүн орундар; көрүүчүлөрдүн орундары.

**ЗРИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р.* к **зри́тель.**

**ЗРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1. зрение**-*ге т.*; **зри́тельная па́мять** көргөнүн эстей алуу; **зри́тельное впечатле́ние** көргөндөгү таасир; **зри́тельная труба́** дүрбү (*кичинекей телескоп*); **2. зритель**-*ге т.*; **зри́тельный зал** көрүү залы.

**ЗРЯ** *нареч. разг.* бекер, курулай, бошко: **зря тра́тить** сре́дства каражатты бошко сарыптоо; **болта́ть зря** бекер тантуу, былжырап жок нерсени сүйлөө.

**ЗРЯ'ЧИЙ,** -ая, -ее көздүү, көзү бар, көрө алган.

**ЗУБ** *м.* **1.** (*мн.* **зу́бы**) тиш; **пере́дние зу́бы** маңдай, кашка тиштер; **коренны́е зу́бы** азуу тиштер; **моло́чные зу́бы** сүт тиштери (*бала беш-алты жашка чыккандан кийин түшүп калуучу тиштер*); **зуб му́дрости** акыл тиш; **2.** (*мн.* **зу́бья**) тиш; **зу́бья бороны́** маланын тиштери; ◇ **име́ть зуб** *против кого-л.* *бирөөгө каршы* кек сактоо; **не по зуба́м** тиши өтпөйт; **говори́ть сквозь зу́бы** 1) тиштенип сүйлөө; 2) *перен.* тиштенип кыжыры кайнап сүйлөө, манчыркап сүйлөө; **в зуба́х навя́зло** *разг.* аша кечирди, жадатып жиберди, тажатып бүттү; **держа́ть язы́к за зуба́ми** *разг.* унчукпоо; оозачып, сыр бербөө; **точи́ть зу́бы** *на кого-л.* *бирөөгө* тишин кайроо; **вооружённый до зубо́в** аябай куралданган, баштан аяк куралданган.

**ЗУБА'СТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* **1.** тиштүү, тиши чоң, азуулары аркайган (арсайган); **зуба́стая щу́ка** азуулары арсайган чортон балык; **2.** *перен.* (*острый на язык*) тилдүү, чечен; **зуба́стый па́рень** тилдүү жигит.

**ЗУБЕ'Ц** *м.* (*мн.* **зубцы́**) **1.** *тех.* тиш; **зубцы́ пилы́** араанын тиштери; **2.** *чаще мн.* арсак; **сте́ны с зубца́ми** арсактуу дубал; **зубцы́ далёких гор** алыскы тоо арсактары.

**ЗУБИ'ЛО** *ср. тех.* зубило (*таш, темир кескич, чукугуч*).

**ЗУБНО'Й,** -а́я, -о́е **зуб** 1-*ге т.*; **зубна́я боль** тиш оорусу; **зубно́й врач** тиш врачы; **зубна́я щётка** тиш щёткасы; **зубно́й порошо́к** тиш порошогу; **зубна́я па́ста** тиш пастасы.

**ЗУБО'ВНЫЙ,** -ая, -ое: **де́лать** *что-л.* **со скре́жетом зубо́вным** *бир нерсени* тишин кычыратып, кыжыры келип иштөө.

**ЗУБОВРАЧЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое: **зубоврачéбный каби́нет** тиш дарылоочу кабинет.

**ЗУБОВРАЧЕВА'НИЕ** *ср.* тиш ооруларын дарылоо.

**ЗУБО'К** *м. уменьш.-ласк.* от **зуб** 1 кичинекей тиш; ◇ **вы́учить на зубо́к** *что-л.* *бир нерсени* абдан мыктап жаттап алуу; **попа́сть на зубо́к** *кому-л.* *бирөөнүн* шылдыцына жана ушагына илинүү.

**ЗУБОЛЕЧЕ'БНИЦА** *ж.* тиш оорусун дарылоо жайы.

**ЗУБОЛЕЧЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое тиш оорусун дарылаган.

**ЗУБОРЕ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* тиш чыгара турган; **зуборе́зный стано́к** тиш чыгара турган станок.

**ЗУБОСКА'Л** *м. разг.* шылдыңкор, одоно шылдыңчы.

**ЗУБОСКА'ЛИТЬ** *несов. разг.* одоно шылдыңдоо, опсуз табалоо.

**ЗУБОСКА'ЛЬСТВО** *ср. разг.* одоно шылдыңдай берүү, ырсалактай, опсуз мазактай берүү.

**ЗУБОЧИ'СТКА** *ж.* тиш чукуур.

**ЗУБР** *м.* **1.** *зоол.* зубр (*топос сыяктуу жапайы айбан*); **2.** *перен. разг.* өтө эскичил.

**ЗУБРЁЖКА** *ж. разг.* маанисин билбей, куру жаттоо; курулай жаттап алуу.

**ЗУБРИ'ЛКА** *м. и ж. разг.* куру жаттагыч (*куру жаттоодон бөлөкту билбеген окуучу*).

**ЗУБРИ'ТЬ** I *несов. что* мизин кетирүү, мизин кетилтүү; **зубри́ть топо́р** балтанын мизин кетилтүү.

**ЗУБРИ'ТЬ** II *несов. что, разг.* бышыктоо, жаттоо; **зубри́ть уро́к** сабакты бышыктоо; сабакты жаттоо.

**ЗУБРО'ВКА** *ж.* **1.** *бот.* зубровка (*талаа жана токойдогу дандуу; өсүмдүктүн аты*); **2.** (*настойка*) зубровка (*ошол данга ачытылган арак*).

**ЗУБЧА'ТКА** *ж. тех.* зубчатка (*механизмдин тиштүү жагы*).

**ЗУБЧА'ТЫЙ,** -ая, -ое тиштүү; **зубча́тое колесо́** тиштүү дөңгөлөк.

**ЗУ'БЧИК** *м. уменьш.* от **зубе́ц** 1 *и* **зуб** 2 кичине тиш; **зу́бчик колеса́** дөңгөлөктүн кичине тиши.

**ЗУД** *м.* **1.** кычыткы; **вы́звать зуд** эт кычыткы пайда кылуу; **2.** *перен. разг.* (*непреодолимое стремление*) делебеси кызуу, желигүү.

**ЗУ'ДЕНЬ** *м. зоол.* котур курту.

**ЗУДЕ'ТЬ** *несов.* **1.** (*чесаться*) кычышуу, дүүлүгүү; **2.** *перен. разг.* (*испытывать непреодолимое стремление*) делебеси кызуу, желигип жүрүү.

**ЗУЛУ'С** *м.* зулус.

**ЗУЛУ'СКА** *женск. р.* к **зулу́с.**

**ЗУЛУ'ССКИЙ,** -ая, -ое **зулус**-*ка т.*; зулустук.

**ЗУЛУ'СЫ** *мн.* зулустар.

**ЗУ'ММЕР** *м. тех.* зуммер (*токту өзү эле кошуп жана ажыратып тургуч электр механизми*).

**ЗУМПФ** *м. горн.* зумпф (*шахтанын түбүндө суу агып кирүүчү чукур*).

**ЗУРНА'** *ж. муз.* сурнай.

**ЗЫ'БКА** *ж. обл.* бешик.

**ЗЫ'БКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*неустойчивый*) былкылдама, солкулдак, былкылдак; **зы́бкий мо́стик** солкулдак көпүрө; **2.** *перен.* (*ненадёжный*) туруксуз, берекесиз; **зы́бкое положе́ние** туруксуз ал-абал.

www.bizdin.kg

**ЗЫ'БКОСТЬ** *ж.* **1.** (*неустойчивость*) былкылдактык, солкулдактык; **2.** *перен.* (*ненадёжность*) туруксуздук.

**ЗЫБУ'ЧИЙ,** -ая, -ее туруксуз, эшилме; **зыбу́чие пески́** эшилме кум.

**ЗЫБЬ** *ж.* суу бетиндеги кичине кыймыл, суу бетинин чыбырчыкташы; **зыбь на о́зере** көл бетинин чыбырчыкташы (*таптакыр жел жокто*).

**ЗЫ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое күркүрөгөн; катуу; **зы́чный го́лос** күркүрөгөн үн.

**ЗЮЙД** *м. мор.* зюйд (**1.** *түштүк тарап*; **2.** *түштүк шамалы*).

**ЗЯ'БКИЙ,** -ая, -ое үшүкчөөл, үшүкчөөк.

**ЗЯ'БКОСТЬ** *ж.* үшүкчөөлдүк, үшүкчөөктүк; **зя́бкость рук** колдун үшүкчөөктүгү.

**ЗЯ'БЛЕВЫЙ,** -ая, -ое **зябь**-*га т.*; **зя́блевая вспа́шка** тоңдурма айдоо.

**ЗЯ'БЛИК** *м. зоол.* зяблик (*сайрагыч чымчыктардын бир түрү*).

**ЗЯ'БНУТЬ** *несов.* үшүү, тоңуу.

**ЗЯБЬ** *ж. с.-х.* тоңдурма.

**ЗЯТЬ** *м.* (*мн.* **зятья́**) **1.** (*муж дочери*) күйөө; **2.** (*муж старшей сестры*) жезде.

# И

**И** I *союз* **1.** *соед.* жана; **догна́ть и перегна́ть** кууп жетүү жана озуп кетүү; **2.** *присоед.* (*при перечислении*) да; **и тот и друго́й** ал да, бул да; **и он и я там рабо́тали** ал да, мен да анда иштегенбиз; **3.** (*также*) да; **и я хоте́л пойти́ вме́сте со все́ми** башкалар менен бирге менин да баргым келди; **4.** (*при повествовании*) да; ошентип, **... да; и наста́ло у́тро** таң да атты; ошентип, таң да атты.

**И** II *частица усил.* да; **я и сам не рад** өзүм да буга өкүнүп турам; **я не мог и поду́мать об э́том** мындай болот деп эч качан ойлогон да жок элем.

**И** III *межд.* кой, ... эми; **и, по́лно!** кой, болду эми!

**И'БИС** *м.* ибис (*жылуу өлкөлөрдө жашоочу, узун буттуу илегилекке окшош куштун бир түрү*).

**И'БО** *союз* анткени.

**И'ВА** *ж.* тал; **плаку́чая и́ва** мажрум тал.

**ИВАСИ'** *ж. нескл.* иваси (*Ыраакы Күн Чыгыштагы сельдь балыгы*).

**ИВНЯ'К** *м.* **1.** (*заросли ивы*) кырчын тал; **2.** (*прутья ивы*) кырчын тал чырпыктары.

**И'ВОВЫЙ,** -ая, -ое **ива**-*га т.*; **и́вовые ли́стья** тал жалбырактары; **и́вовая корзи́на** талдын чырпыгынан согулган себет.

**И'ВОЛГА** *ж.* заргалдак.

**ИГЛА'** *ж.* **1.** ийне; **маши́нная игла́** машинанын ийнеси; **патефо́нная игла́** патефондун ийнеси; **2.** (*у растений*) бүчүр, тикен (*мис. карагайдын*); **3.** *чаще мн.* (*у животных*) тикен, ийне; **и́глы ежа́** кирпинин ийнеси; **4.** (*заострённый кристалл*): **и́глы льда** муздун ийнелери.

**ИГЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*о растениях*) тикендүү, тикенектүү; **2.** (*о животных*) тикендүү, ийнелүү.

**ИГЛОКО'ЖИЕ** *мн.* (*ед.* **иглоко́жее** *ср.*) *зоол.* ийне терилүүлөр (*денеси ийне, тикен менен капталган омурткасыз деңиз жаныбарлары*).

**ИГНОРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* тоотпоо, этибар кылбоо, көңүл салбоо; **нельзя́ игнори́ровать фа́кты** фактыларды тоотпой коюуга жарабайт.

**И'ГО** *ср.* эзүү; **све́ргнуть и́го** эзүүнү кулатуу, эзүүнү жок кылуу.

**ИГО'ЛКА** *ж. см.* **игла́**; ◇ **сиде́ть как на иго́лках** оңойсузданып бүлкүлдөп отуруу.

**ИГО'ЛОЧКА** *ж. уменьш. от* **иго́лка** кичинекей ийне; ичке ийне; ◇ **оде́т с иго́лочки** баштан аяк жапжаңы кийим кийинген.

**ИГО'ЛЬНИК** *м.* ийне сайгыч *же* ийне салгыч куту.

**ИГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **игла** 1-*ге т.*; **иго́льное ушко́** ийненин көзү.

**ИГО'ЛЬЧАТЫЙ,** -ая, -ое ийнелүү, тикенектүү; ◇ **иго́льчатый бараба́н** *тех.* ийнелүү барабан.

**ИГО'РНЫЙ,** -ая, -ое: **иго́рный дом** кумар (*карта ж. б.*) ойноочу үй.

**ИГРА'** *ж.* **1.** (*действие*) ойноо; **игра́ в мяч** топ ойноо; **игра́ в ша́хматы** шахмат ойноо; **2.** оюн; **аза́ртные и́гры** кумар; кумар оюндар; **3.** оюнчук (*ойноо предметинин комплектиси*); **прода́жа де́тских игр** балдар оюнчуктарын сатуу; **4.** *муз., театр.* ойноо, аткаруу, чертүү, чалуу; **игра́ арти́ста** артисттин оюну; **игра́ на скри́пке** скрипкада ойноо; **5.** (*сверкание*) жалтылдоо, жылтылдоо, жаркылдоо, кулпунуу, кулпуруу (*мис. асыл таштардын жылтылдашы*); **изумру́д с изуми́тельной игро́й** эң эле сонун жалтылдаган зымырыт; ◇ **игра́ приро́ды** табияттын оюну (*адаттан тышкары болгон кубулушу*); **игра́ слов** сөз оюну (*сөздүн бир маанисин экинчиге алмаштырып колдонуп тамаша кылуу, бура сүйлөө*); **опа́сная игра́** коркунучтуу оюн; **игра́ с огнём** от менен ойноо; **игра́ воображе́ния** куру кыял, курган фантазия; **биржева́я игра́** биржа оюну (*капиталисттик өлкөлөрдө — курстук баалардын айырмасына спекуляция кылуу үчүн баалуу кагаздарды сатып алып жана кайра сатуу*); **раскры́ть** *чью-л.* **игру́** *бирөөнүн* жашырын оюн, ниетин ачуу; **игра́ не сто́ит свеч** *погов.* ат тери кайтпайт.

**ИГРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **игра** 2-*ге т.*; ойнолуучу; **игра́льные ка́рты** ойнолуучу карта.

**ИГРА'ТЬ** *несов.* **1.** *во что, на чём* ойноо; **игра́ть в футбо́л** футбол ойноо; **игра́ть в пря́тки** *прям. и перен.* жашынмак ойноо; **2.** *кого-что, на чём, муз., театр.* ойноо, аткаруу, чертүү, чалуу; **игра́ть на сце́не** сахнада ойноо; **на роя́ле он игра́ет давно́** ал роялда көптөн бери ойнойт; **игра́ть пе́рвую скри́пку** 1) биринчи скрипкада ойноо; 2) *перен.* башкаруучу абалды ээлөө; **3.** (*сверкать, блестеть*) жалтылдоо, жылтылдоо, жаркылдоо; кулпунуу, кулпуруу; **со́лнце игра́ет на пове́рхности воды́** күндүн нуру суу үстүндө жаркылдайт; **руби́н хорошо́ игра́ет** лаал жакшынакай болуп кулпуруп турат; **4.** (*о вине*) шуулдап туруу, быжылдап туруу; ◇ **игра́ть роль** усталык менен анткорлонуу; **игра́ть коме́дию** анткорлонуу; **игра́ть в молча́нку** тымпыйма ойноо (*жаап-жашыруу; көшөкөрлөнүп айтпай, жашырып жүрө берүү*); **игра́ть в великоду́шие** өзүн өзү кең бейил кылып көрсөтүмүш болуу; **игра́ть на не́рвах** кыжырын кайнатуу, ачуусун келтирүү; **игра́ть на би́рже** биржада ойноо (*капиталисттик өлкөлөрдө — биржалык спекуляция кылуу*); **игра́ть слова́ми** сөз жасап сүйлөө (*чындыкты жашыруу үчүн чоң-чоң сөздөрдү оозго толтуруп айтуу*); **игра́ть в ру́ку** *или* **игра́ть на́ руку** *кому-л.* *бирөөнүн* ишин оңдой берди кылуу.

**ИГРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *безл. разг.* ойноо; **мне сего́дня что́-то не игра́ется** бүгүн мен эмнегедир жакшы ойной албай жатам, эмнегедир ойногум келбей жатат; **2.** *страд. к* **игра́ть 2.**

**ИГРА'ЮЧИ** *нареч. разг.* ойноп отуруп эле, кыйналбай эле, оңой эле; **он э́то сде́лал игра́ючи** ал муну ойноп отуруп эле жасап койду, ал муну кыйналбай эле жасап койду.

**И'ГРЕК** *м.* игрек (**1.** *латын алфавитинин 25 тамгасы*; **2.** *математикада «у» тамгасы менен белгиленүүчү белгисиз сан*).

www.bizdin.kg

**ИГРЕ'НЕВЫЙ**, -ая, -ое чабдар (*аттын түсү*).

**ИГРИ'ВО** *нареч.* ойноктоп, шайкелеңденип.

**ИГРИ'ВОСТЬ** *ж.* оюнкарактык, ойноoктук, шайкелеңдик, куунактык.

**ИГРИ'ВЫЙ**, -ая, -ое оюнкарак, ойноок, шайкелең; куунак; **игри́вый щено́к** ойноок күчүк; **он сего́дня в игри́вом настрое́нии** бүгүн анын көңүлү куунак.

**ИГРИ'СТЫЙ**, -ая, -ое (*о напитках*) шуулдап турган; **игри́стое вино́** шуулдап турган вино.

**ИГРО'К** *м.* оюнчу (*оюнга же кумарга катышуучу; оюнду же кумарды жакшы көрүүчү*).

**ИГРУ'Н** *м. разг.* оюнкарак, оюнпоз, ойноок.

**ИГРУ'НЬЯ** *женск. р. к* **игру́н.**

**ИГРУ'ШЕЧНЫЙ**, -ая, -ое 1. **игрушка**-*га т.*; **игру́шечный магази́н** оюнчук сатуучу магазин; 2. (*ненастоящий*) кичинекей; **игру́шечное ружьё** оюнчук мылтык; **игру́шечный сад** кичинекей бак.

**ИГРУ'ШКА** *ж.* оюнчук; **де́тские игру́шки** балдардын оюнчуктары; ◇ **быть игру́шкой в чьих-л. рука́х** *бирөөнүн* оюнчугу болуу (*бирөөнүн айтканын кылып, дегенине көнүп жүрүү*); **сде́лать свое́й игру́шкой** өзүнүн оюнчугу кылып алуу (*өзүнө багынтып алуу*).

**ИГУ'МЕН** *м. церк.* игумен (*эркектер монастырынын жетекчиси*).

**ИГУ'МЕНЬЯ** *ж. церк.* игуменья (*аялдар монастырынын жетекчиси*).

**ИДЕА'Л** *м.* идеал (1. *умтулуулардын түпкү максаты*; 2. *бир нерсенин эң жогорку, болумдуу үлгүсү*).

**ИДЕАЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* идеализация, идеализациялоо (*бирөөнү же бир нерсени анын өз турушунан алда канчалык мыкты, сонун кылып көз алдыга келтирүү*).

**ИДЕАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* идеализациялоо.

**ИДЕАЛИ'ЗМ** *м. филос.* идеализм (*материализмге карама-каршы болгон философиялык багыт*); **субъекти́вный идеали́зм** субъективдик идеализм; **объекти́вный идеали́зм** объективдик идеализм.

**ИДЕАЛИ'СТ** *м.* идеалист (1. *филос. идеалисттик философиянын жолун жолдоочу*; 2. *разг. чындыкты идеализациялоочу адам*).

**ИДЕАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое идеалисттик; **идеалисти́ческое мировоззре́ние** дүйнөгө идеалисттик көз караш.

**ИДЕАЛИ'СТКА** *женск. р. к* **идеали́ст.**

**ИДЕА'ЛЬНО** *нареч.* эң сонун, абдан сонун.

**ИДЕА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое эң сонун, абдан жакшы, үлгүлүү; **идеа́льный рабо́тник** абдан жакшы кызматкер; **идеа́льные кварти́рные усло́вия** эң сонун квартиралык шарттар.

**ИДЕ'ЙНО-ПОЛИТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое идеялык-саясий; **иде́йно-полити́ческое воспита́ние масс** массага идеялык-саясий тарбия берүү; **иде́йно-полити́ческий у́ровень** идеялык-саясий деңгээл.

**ИДЕ'ЙНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*проникнутый идеей*) идеялык; **иде́йное иску́сство** идеялык искусство; **иде́йное содержа́ние кни́ги** китептин идеялык мазмуну; 2. (*преданный идее*) идеялуу; **иде́йный челове́к** идеялуу киши.

**ИДЕНТИФИКА'ЦИЯ** *ж.* идентификация, идентификациялоо (*окшоштуруу, окшотуу*).

**ИДЕНТИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* идентификациялоо.

**ИДЕНТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* окшоштук, бирдейлик.

**ИДЕНТИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое окшош, бирдей.

**ИДЕОГРА'ММА** *ж. лингв.* идеограмма (*кандайдыр бир түшүнүктүн шарттуу жазуу белгиси; мис. иероглиф, цифралар, шарттуу белгилер*).

**ИДЕОГРА'ФИЯ** *ж. лингв.* идеография (*идеограмманын жардамы менен жазуу*).

**ИДЕО'ЛОГ** *м.* идеолог (*кандайдыр бир таптын идеологиясын колдоочу жана жактоочу киши*); **идео́лог рабо́чего кла́сса** жумушчу табынын идеологу.

**ИДЕОЛОГИ'ЧЕСКИ** *нареч.*: **идеологи́чески вы́держанная кни́га** идеология жагынан туруктуу китеп.

**ИДЕОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **идеология**-*га т.*; идеологиялык; **идеологи́ческий фронт** идеологиялык фронт; **идеологи́ческая борьба́** идеологиялык күрөш.

**ИДЕОЛО'ГИЯ** *ж.* идеология (*тигил же бул таптын кызыкчылыгын көздөгөн саясий, укуктук, диний, адабий, философиялык ж. б. көз караштардын жыйындысы*).

**ИДЁТ** *в знач. частицы разг.* (*ладно*) макул!, болот!, жарайт!

**ИДЕ'Я** *ж.* 1. идея (*бир нерсе жөнүндөгү ой, жалпы түшүнүк*); **полити́ческие иде́и** саясий идеялар; 2. (*основная мысль*) идея (*негизги ой*); **иде́я рома́на** романдын идеясы; 3. (*мысль, намерение, план*) ой; тилек; ниет; каалоо.

**ИДИЛЛИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **идиллия**-*га т.*; идиллиялык.

**ИДИ'ЛЛИЯ** *ж.* идиллия (1. *лит. табияттын кучагында жайбаракат жаткан турмушту сүрөттөп көрсөткөн акындык чыгарма*; 2. *перен. бейпилчилдик, камырабай, жайбаракат жашоо*).

**ИДИО'МА** *ж. лингв.* идиома (*өтмө маанидe колдонулуучу сөз же сөздөрдүн тизмеги; мис. бетке басып айтуу; бармак басты, көз кысты кылуу ж. б.*).

**ИДИОМА'ТИКА** *ж. лингв.* идиоматика (*идиомалар жөнүндөгү окуу жана да кандайдыр бир тилдеги идиомалар жыйындысы*).

**ИДИОМАТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **идиома**-*га т.*; идиомалык; **идиомати́ческое выраже́ние** идиомалык сүйлөм.

**ИДИОСИНКРАЗИ'Я** *ж. мед.* идиосинкразия (*талгак; организмдин бир тамакка, дарыга же башка нерсеге талгак, жерик болушу*).

**ИДИО'Т** *м.* 1. идиот, келесоо, жинди; 2. *разг.* барып турган акмак, макоо.

**ИДИОТИ'ЗМ** *м.* 1. идиотизм, келесоолук; 2. *разг.* барып турган акмактык, макоолук.

**ИДИО'ТКА** *женск. р. к* **идио́т.**

**ИДИО'ТСКИЙ**, -ая, -ое 1. **идиот** 1-*ге т.*; идиоттук; **идио́тский смех** идиоттук күлкү; 2. *разг.* (*бессмысленный, глупый*) акмактык; **идио́тский посту́пок** акмактык жорук.

**ИДИО'ТСТВО** *ср. разг.* барып турган акмакчылык, макоолук.

**И'ДОЛ** *м.* 1. бут (*жасалма кудай*); 2. *перен.* аздек; ◇ **сиде́ть (стоя́ть) и́долом** молодой болуп былк этпей, сүйлөбөй отуруу (туруу).

**ИДОЛОПОКЛО'ННИК** *м.* бутпарас (*бутка сыйынуучу, табынуучу киши*).

**ИДОЛОПОКЛО'ННИЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **идолопоклонник**-*ке*, **идолопоклонство**-*го т.*

**ИДОЛОПОКЛО'НСТВО** *ср.* бутпарастык (*бутка сыйынуучулук, табынуучулук*).

**ИДТИ'** *несов.* 1. баруу, жүрүү, басуу; **идти́ вперёд** 1) алга карай жүрүү, илгерилөө; 2) *перен.* жакшы болууга умтулуу; өсүү; **идти́ наза́д** 1) артка карай жүрүү, артка чегинүү; 2) *перен.* кери кетүү, начарлоо; **идти́ впереди́** 1) алдыда жүрүү; 2) *перен.* башкаларга үлгү болуу; **он идёт в шко́лу** ал мектепке баратат; **он идёт из шко́лы** ал мектептен келатат; **идти́ са́дом** бактын ичи менен басуу (жүрүү); **кто идёт?** келаткан ким?; **он идёт бы́стро** ал бат басат, ал бат жүрөт; **идти́ ря́дом** катар жүрүү; **идти́ пешко́м** жөө жүрүү; **идти́ в го́сти** конокко баруу; **идти́ на врага́** душманга каршы баруу; 2. (*двигаться, передвигаться*) кыймылдоо, козголуу, бир орундан экинчи орунга жылуу; **по́езд идёт бы́стро** поезд тез жүрүп баратат; **лёд идёт по реке́** дарыяда муз агып жатат; 3. (*отправляться*) жөнөө, кетүү, чыгуу; **по́езд идёт в пять часо́в** поезд саат беште жөнөйт; **идти́ гуля́ть** сейилдикке чыгуу; 4. (*приближаться*) келүү; **весна́ идёт** жаз келатат; 5. (*выде-*

www.bizdin.kg

*ляться, течь*) агуу; **вода́ идёт по ка́пле** суу тамчылап агат; **из ра́ны идёт кровь** жарадан кан агат; 6. чыгуу; **из самова́ра идёт пар** самовардан буу чыгып жатат; **дым идёт из трубы́** мордон түтүн чыгып жатат; 7. (*вмещаться*) батуу, кирүү; **про́бка не идёт в го́рлышко буты́лки** тыгын бутылканын оозуна батпай койду; 8. (*пролегать*) кетүү, жатуу; **э́та доро́га идёт ле́сом** бул жол токой аралап кетет; 9. (*о времени*) өтүү; **дни иду́т свои́м чередо́м** күндөр өз ирети менен өтүп жатат; **ему́ идёт второ́й год** ал эки жашка карады; 10. (*о механизмах*) жүрүү; иштөө; **часы́ иду́т то́чно** саат туура жүрөт; 11. (*об осадках*) жаашы; **идёт снег** кар жаап жатат; **вчера́ шёл дождь** кечээ жамгыр жаады; 12. (*происходить*) болуп жатуу, жүрүп жатуу; **иду́т пре́ния** жарыш сөз жүрүп жатат; **бой идёт уже́ не́сколько часо́в** уруш бир нече сааттан бери жүрүп жатат; **дела́ иду́т успе́шно** иш жакшы жүрүп жатат; **сейча́с идёт уро́к** азыр сабак жүрүп жатат; 13. (*поступать куда-л.*) кирүү; **идти́ в вое́нное учи́лище** согуштук окуу жайына кирүү; **он идёт в университе́т** ал университетке кирет; 14. (*находить сбыт*) сатылуу, өтүү; **э́тот това́р хорошо́ идёт** бул товар жакшы өтөт; 15. (*требоваться, употребляться*) кетүү, жумшалуу, чыгуу; **на культу́ру ри́са идёт мно́го воды́** шалыга суу көп керек; **на пла́тье идёт три ме́тра шёлка** көйнөккө үч метр жибек кетет; 16. (*доставляться откуда-л., куда-л.*) келүү; **чай идёт с Кавка́за** чай Кавказдан келет; **посы́лка отту́да идёт шесть дней** посылка андан алты күндө келет; 17. (*передаваться*) берилүү; **докуме́нт снача́ла идёт на по́дпись** документ адегенде кол коюуга берилет; **его́ де́ло идёт в суд** анын иши сотко берилет; 18. (*в играх*) жүрүү; **идти́ с двойки пик** карганын экилигин жүрүү; **идти́ конём** ат менен жүрүү; 19. (*быть к лицу*) жарашуу; **э́та шля́па ей идёт** бул шляпа ага жарашат; 20. болуу, коюлуу; **за́втра в теа́тре идёт «Ива́н Суса́нин»** эртең театрда «Иван Сусанин» коюлат; **э́тот кинофи́льм идёт уже́ три дня** бул кинофильм үч күндөн бери жүрүп жатат; ◇ **идти́ на прима́нку** 1) жемге баруу (*мис. балык кайырмактагы жемге*); 2) *перен. бирөөнүн* алдоосуна кирүү; **идти́ в счёт** эсепке алынуу, эсепке кирүү; **э́то в счёт не идёт** бул эсепке кирбейт; **де́ло идёт на лад** иш оңунда; иш жакшы жүрүп жатат; **у меня́ не идёт с ума́...** ...менин оюман кетпей койду; **не идти́ на ум** ойго келбөө; **куда́ ни шло!** *разг.* кайдан чыкса, андан чыксын!; **идти́ на пониже́ние** төмөндөө, ылдыйлоо; **идти́ на у́быль** азаюу, кемүү, тартылуу; **идти́ ко дну** чөгүп кетүү (*мис. кеме*); **сон не идёт** уйку келбейт; **э́то ни с чем не идёт в сравне́ние** муну эч нерсе менен салыштырууга болбойт; **идти́ на компроми́сс** компромисске макул болуу; **идти́ на риск** тобокелге салуу; **идти́ на всё** эч нерседен тартынбоо; **идти́ в но́гу с совреме́нностью** азыркы заман менен тең катар жүрүү (*азыркы турмуштан калышпоо*); **де́ло идёт о жи́зни и сме́рти** иш «же өлдүм, же калдым» жөнүндө болуп жатат; **разгово́р шёл о нём** сөз ал жөнүндө болду; **идти́ на поса́дку** *ав.* конууга бет алуу; **идти́ за́муж** күйөөгө баруу, эрге баруу; **де́ло идёт к концу́** иш аяктап келе жатат; **идти́ на вёслах** калак менен айдап жүрүү (*кайыкта*); **идёт!** *разг.* (*ладно*) макул!, болот!, жарайт!

**ИЕЗУИ'Т** *м.* 1. *ист.* иезуит (*католик-монахтык реакциячыл уюмдун — ордендин мүчөсү; бул — өзүнүн көздөгөн максатына жетүү үчүн эч бир нерседен баш тартпайт*); 2. *перен.* арамза, эки жүздүү, өң карама киши.

**ИЕЗУИ'ТСКИЙ,** -ая, -ое **иезуит**-*ке т.*; **иезуи́тский посту́пок** *перен.* эки жүздүүлүк менен иштелген иш.

**ИЕЗУИ'ТСТВО** *ср.* иезуиттик, эки жүздүүлүк, арамзалык, өң карамалуулук.

**ИЕ'НА** *ж.* (*японская денежная единица*) иена (*Японияда акча единицасы*).

**ИЕРАРХИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **иерархия**-*га т.*; иерархиялык; ◇ **иерархи́ческая ле́стница** иерархиялык баскыч (*төмөнкү чиндерди жогорку чинге багынтуу тартибиндеги кызматтык баскыч*).

**ИЕРА'РХИЯ** *ж.* иерархия (*мансаптарды же коомдук түркүмдөрдү даража-даража, баскыч-баскыч кылып бөлүү*); **служе́бная иера́рхия** кызматтык иерархия.

**ИЕРИХО'НСКИЙ,** -ая, -ое: **труба́ иерихо́нская** эң эле катуу үн, эң эле катуу дабыш.

**ИЕРО'ГЛИФ** *м.* 1. иероглиф (*кандайдыр бир түшүнүк берүүчү фигуралуу белги; иероглифтик жазуу белгиси, мис. кытай жазуусу*); 2. *перен. разг.* иероглиф (*кыйындык менен окулуучу жазма*); **писа́ть иеро́глифами** иероглиф менен жазуу (*оңойлук менен окулбай турган кылып жазуу*).

**ИЕРОГЛИФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **иероглиф**-*ке т.*; иероглифтик; **иероглифи́ческая пи́сьменность** иероглифтик жазуу.

**ИЖДИВЕ'НЕЦ** *м. бирөөнүн* багуусунда туруучу киши; **у него́ пять челове́к иждиве́нцев** анын багуусунда беш киши бар.

**ИЖДИВЕ'НИЕ** *ср.* багуусунда болуу; **быть на чьём-л. иждиве́нии** *бирөөнүн* багуусунда болуу.

**ИЖДИВЕ'НКА** *женск. р. к* **иждиве́нец.**

**ИЖДИВЕ'НЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **иждивенец**-*ке т.*; 2. *перен.* «берсең — жедим» деп отура берүүчү; **иждиве́нческое настрое́ние** «берсең—жедим» деп отура берүүчүлүк; «мени багат» деп отура берүүчүлүк.

**ИЗ (ИЗО)** *предлог с род. п.* 1. (*откуда*) -дан; **они́ прие́хали из Москвы́** алар Москвадан келишти; **привезти́ из дере́вни** кыштактан алып келүү; 2. (*среди*) -дын; **одно́ из двух** экинин бири; **оди́н из ста** жүздүн бири; **лу́чший из всех** баарынын жакшысы; 3. (*о материале*) -дан; **сде́лать из де́рева** жыгачтан жасоо; **сде́лано из ста́ли** болоттон жасалган; 4. -дан; **из посёлка вы́рос го́род** посёлоктон шаар пайда болду; посёлок шаарга айланды; 5. (*по причине*) -гандыктан; себептүү; **из уваже́ния к вам** сизди урматтагандыгымдан; ◇ **и́з года в го́д** жылдан жылга, жыл сайын; **мы стара́лись изо всех сил** биз күчүбүздүн бардыгынча аракет кылдык.

**ИЗ- (ИЗО-, ИЗЪ-, ИС-)** *приставка* 1. *аракеттин бир жерден, бир нерсенин ичинен чыкканын түшүндүрөт; мис.* **изгоня́ть** кууп жиберүү, айдап жиберүү; 2. *иштин бүткөнүн, аякталганын көрсөтөт; мис.*: **изре́зать** кесип (*туурап*) бүтүрүү; **изму́читься** кыйналып кетүү, кыйналып бүтүү; **излома́ться** сынып бүтүү; **износи́ться** эскирүү, жыртылуу, тамтыгы кетүү; 3. *кыймыл-аракеттин акырына чекке барып жеткенин көрсөтөт; мис.* **исписа́ться** жазылып бүтүү, жазылып түгөнүү; 4. *этиштин бүткөн түрүн түзүү үчүн колдонулат; мис.*: **печь** бышыруу — **испе́чь** бышырып болуу, бышырып бүтүү; **жа́рить** куууруу — **изжа́рить** кууруп бүтүү.

**ИЗБА'** *ж.* үй (*дыйкандын жыгачтан салынган үйү*).

**ИЗБАВИ'ТЕЛЬ** *м.* куткаруучу, куткарып алып калуучу.

**ИЗБАВИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **избави́тель.**

**ИЗБА'ВИТЬ** *сов. кого-что от кого-чего* куткаруу; **изба́вить от хлопо́т** түйшүктөн куткаруу; **изба́вьте меня́ от э́того** ушундан мени куткарыңызчы.

**ИЗБА'ВИТЬСЯ** *сов. от кого-чего* кутулуу; **изба́виться от опа́сности** коркунучтан кутулуу.

**ИЗБАВЛЕ'НИЕ** *ср.* кутулуу; куткаруу.

**ИЗБАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **изба́вить.**

**ИЗБАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **изба́виться;** 2. *страд. к* **избавля́ть.**

**ИЗБАЛО'ВАННОСТЬ** *ж.* эркелик, ыксыз эркелик.

**ИЗБАЛО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **избалова́ть;** 2. *прил.* ыгы жок эркелеткен, ыгы жок эрке өстүрүлгөн; **избало́ванный ребёнок** ыгы жок эрке өстүрүлгөн бала.

**ИЗБАЛОВА'ТЬ** *сов. кого* ыгы жок эркелетүү; **избалова́ть ребёнка** баланы ыгы жок эркелетүү.

**ИЗБАЛОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* эрке болуу.

**ИЗБА'Ч** *м.* избач (*айыл-кыштакта окуу үйүнүн башчысы*).

www.bizdin.kg

**ИЗБА'-ЧИТА'ЛЬНЯ** *ж.* окуу үйү (*айыл-кыштактагы маданий-агартуу мекемеси*).

**ИЗБЕ'ГАТЬ** *сов. что, разг.* кыдырып чыгуу; **я избе́гал весь го́род** мен бүткүл шаарды кыдырып чыктым.

**ИЗБЕГА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **избежа́ть;** 2. *кого-чего и с неопр.* качуу; **я избега́ю с ним встреча́ться** мен аны менен кезигишүүдөн качамын.

**ИЗБЕ'ГАТЬСЯ** *сов. разг.* аркы-терки жүгүрүп жүрүп чарчоо.

**ИЗБЕ'ГНУТЬ** *сов. см.* **избежа́ть; не избе́гнуть наказа́ния** жазадан качып кутулуу мүмкүн эмес.

**ИЗБЕЖА'НИЕ** *ср.*: **во избежа́ние** андай болбос үчүн, андай болбосун үчүн; **во избежа́ние оши́бок** ката кетирбөө үчүн.

**ИЗБЕЖА'ТЬ** *сов. чего* аман калуу, кутулуу; **избежа́ть сме́рти** өлүмдөн кутулуу.

**ИЗБИВА'ТЬ** *несов. см.* **изби́ть.**

**ИЗБИЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*побои*) уруу, токмоктоп сабоо; 2. (*массовое убийство*) кырып жоюу.

**ИЗБИРА'ТЕЛЬ** *м.* шайлоочу.

**ИЗБИРА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **избира́тель.**

**ИЗБИРА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **избира́тельная систе́ма** шайлоо системасы; **избира́тельный зако́н** шайлоо закону; **избира́тельное пра́во** шайлоо укугу; **избира́тельная кампа́ния** шайлоо кампаниясы.

**ИЗБИРА'ТЬ** *несов. см.* **избра́ть.**

**ИЗБИ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **изби́ть;** 2. *прил. перен.* айтыла жүргөн, эскирген, эскирип болгон; **изби́тая те́ма** эскирип болгон тема.

**ИЗБИ'ТЬ** *сов. кого* уруу, токмоктоо, сабоо, көк ала койдой союу.

**ИЗБОРОЗДИ'ТЬ** *сов. что* каршы-терши кесип өтүү, кыйма-чийме болуп бырышуу; **овра́ги изборозди́ли всё по́ле** талаанын бетин коолор кыйма-чийме кылып кесип өткөн; **морщи́ны изборозди́ли его́ лицо́** *перен.* бырыш анын бетин баскан.

**ИЗБРА'НИЕ** *ср.* 1. (*голосованием*) шайлоо; **избра́ние в депута́ты Верхо́вного Сове́та СССР** СССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайлоо; 2. (*выбор нужного, предпочтение*) тандоо, тандап алуу, каалап алуу; **избра́ние профе́ссии** кесип тандап алуу.

**ИЗБРА'ННИК** *м.* шайлаган киши, шайланган киши, тандалган киши; **избра́нник наро́да** эл шайлаган киши; ◇ **избра́нник се́рдца** сүйгөн киши.

**ИЗБРА'ННИЦА** *женск. р. к* **избра́нник.**

**И'ЗБРАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **избра́ть;** 2. *прил.* (*отборанный, лучший*) тандалган, тандалмалуу; **и́збранные произведе́ния сове́тских писа́телей** советтик жазуучулардын тандалган чыгармалары; 3. *в знач. сущ.* **и́збранные** *мн.* тандалгандар; **для и́збранных** тандалгандар үчүн.

**ИЗБРА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*голосованием*) шайлоо; **избра́ть в наро́дные су́дьи** эл судьясы кылып шайлоо; 2. (*выбрать нужное, предпочесть*) тандоо, тандап алуу, каалап алуу.

**ИЗБУ'ШКА** *ж. уменьш. от* **изба́** кичинекей үй.

**ИЗБЫ'ТОК** *м.* 1. (*излишек*) ашык, артык, көп; **избы́ток хле́ба** эгиндин көптүгү; 2. (*обилие, полнота*) мол, ашып-ташыган; **молоко́ у нас в избы́тке** сүт бизде ашып-ташып жатат; **от избы́тка чувств он тебя́ расцелова́л** абдан сүйүнүп кетип, ал сени өпкүлөп жиберди; **от избы́тка сил** күчүнүн ашып-ташыганынан; ◇ **вознагради́ть с избы́тком** *кого-л.* бирөөнү ашыгы менен сыйлоо.

**ИЗБЫ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое ашып калган, артып калган.

**ИЗВАЯ'НИЕ** *ср.* изваяние (*скульптуралык сүрөт*).

**ИЗВАЯ'ТЬ** *сов. что бир нерсенин* сүрөтүн, тулкусун оюп же чаптап жасоо (*скульптуралык чыгармалар жасоо*).

**ИЗВЕ'ДАТЬ** *сов. что* баштан өткөрүү; **изве́дать го́ре** кайгыны баштан өткөрүү.

**И'ЗВЕРГ** *м.* катаал киши, каардуу киши.

**ИЗВЕРГА'ТЬ** *несов. см.* **изве́ргнуть.**

**ИЗВЕРГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **изве́ргнуться;** 2. *страд. к* **изверга́ть.**

**ИЗВЕ'РГНУТЬ** *сов. что* атырылтып чыгаруу, ыргытуу, бүркүү; **вулка́н изве́рг пото́ки ла́вы** вулкан лаваларды бүркүп чыгарды.

**ИЗВЕ'РГНУТЬСЯ** *сов.* атырылып чыгуу, бүркүлүп чыгуу.

**ИЗВЕРЖЕ'НИЕ** *ср.* атырылып чыгуу, ыргытуу, бүркүү; **изверже́ние вулка́на** вулкандын атырылып чыгышы.

**ИЗВЕ'РИТЬСЯ** *сов. в ком-чём* ишеними кайтуу, үмүтсүз болуу, ишенбей калуу; **изве́риться в свои́х си́лах** өзүнүн күчүнө ишенбей калуу.

**ИЗВЕРНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*ловко повернуться*) булт этүү, култ этүү; 2. *перен.* эбин табуу; эптүүлүк кылуу; **изверну́ться при отве́те** эбин таап жооп берип кетүү.

**ИЗВЕСТИ'** *сов.* 1. *что, разг.* (*истратить*) сарып кылуу, жок кылуу; **он извёл все де́ньги на поку́пки** ал бардык акчасын аны-муну алып жок кылды; 2. *кого-что* (*истребить*) жоюу, жоготуу, жок кылуу; 3. *кого-что* (*измучить*) алсыратуу, муунун бошотуу, жүдөтүү.

**ИЗВЕ'СТИЕ** *ср.* 1. кабар, билдирүү, маалымат; **переда́ча после́дних изве́стий** акыркы кабарларды берүү (*радио аркылуу*); **ра́достное изве́стие** кубанычтуу кабар; 2. **изве́стия** *мн.* (*периодическое издание*) кабарлар (*мезгил-мезгили менен чыгуучу журнал*); **Изве́стия Акаде́мии нау́к** Илимдер Академиясынын Кабарлары.

**ИЗВЕСТИ'СЬ** *сов. разг.* алы кетүү, алдан таюу, жабыгуу; **извести́сь от го́ря** кайгыдан жабыгуу.

**ИЗВЕСТИ'ТЬ** *сов. кого о чём* кабардандыруу, кабар берүү, билдирүү; **он извести́л о своём прие́зде** ал өзүнүн келиши жөнүндө кабар берди.

**ИЗВЁСТКА** *ж.* акиташ.

**ИЗВЕСТКОВА'НИЕ** *ср. с.-х.* акиташтоо.

**ИЗВЕСТКОВА'ТЬ** *сов. и несов. что, с.-х.* акиташтоо; **известкова́ть по́чву** жерди акиташтоо (*жерди акиташ менен семиртүү*).

**ИЗВЕСТКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **известь**-*ке т.*; **известко́вый раство́р** акиташ эритиндиси; **известко́вая вода́** акиташ суусу.

**ИЗВЕ'СТНО** *безл. в знач. сказ. кому* белгилүү, маалым; **всем изве́стно** баарыга маалым; **как изве́стно** белгилүү.

**ИЗВЕ'СТНОСТЬ** *ж.* атак, даңк; **по́льзоваться изве́стностью** атакка ээ болуу, даңкка ээ болуу; ◇ **поста́вить в изве́стность** кабардар кылуу; билдирүү.

**ИЗВЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*тот, о котором знают*) белгилүү; **изве́стное всем собы́тие** баарыга белгилүү окуя; 2. (*знаменитый*) атактуу, даңктуу, белгилүү; **изве́стный поэ́т** атактуу акын; 3. (*определённый*) белгилүү, маалым; **изве́стное коли́чество** белгилүү сан (көптүк); **в изве́стный моме́нт** белгилүү учурда; 4. (*некоторый*) кээ бир, кайсы бир; **в изве́стных слу́чаях э́то помога́ет** кайсы бир учурларда бул жардам кылат.

**ИЗВЕСТНЯ'К** *м.* акиташ.

**И'ЗВЕСТЬ** *ж.* акиташ; **гашёная и́звесть** чыланган акиташ; **негашёная и́звесть** чыланбаган акиташ.

**ИЗВЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **извести́ть.**

**ИЗВЕЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кабардандыруу, кабар берүү, билдирүү; 2. (*сообщение*) кабар, билдирүү; **я получи́л извеще́ние о собра́нии** мен чогулуш жөнүндө билдирүү алдым.

**ИЗВИ'В** *м.* ийри-буйру, бурулуш, имерилиш; **изви́вы реки́** суунун бурулуштары, суунун имериллиштери.

**ИЗВИВА'ТЬСЯ** *несов.* ийилүү, ийрилүү, ийрилме болуу, ийри-буйру болуп жатуу; **доро́га извива́лась ме́жду садо́в** жол бактардын арасында ийри-буйру болуп жаткан болчу.

www.bizdin.kg

**И'ЗДАВНА** *нареч.* эчактан бери.

**ИЗДАЛЕКА'** *нареч.* алыстан, ыраактан; **цепь гор видна́ издалека́** кырка тоолор алыстан көрүнөт.

**И'ЗДАЛИ** *нареч. см.* **издалека́.**

**ИЗДА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) чыгаруу, басып чыгаруу, басылып чыгуу; жарыялоо (*опубликование*); **изда́ние зако́на** закон жарыялоо; 2. (*изданное произведение*) басылыш, басылып чыгыш; **испра́вленное и допо́лненное изда́ние** оңдолуп жана кошумчаланып басылып чыгышы; **сокращённое изда́ние** кыскартып басып чыгарылышы; **четвёртое изда́ние** төртүнчү басылышы.

**ИЗДА'ТЕЛЬ** *м.* бастыруучу, бастырып чыгаруучу.

**ИЗДА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **издательство**-*го т.*; **изда́тельское де́ло** басма иши.

**ИЗДА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* басма; **госуда́рственное изда́тельство** мамлекеттик басма.

**ИЗДА'ТЬ** *сов. что* 1. чыгаруу, басып чыгаруу; **изда́ть кни́гу** китеп басып чыгаруу, китеп чыгаруу; 2. (*опубликовать*) жарыялоо, чыгаруу; **изда́ть зако́н** закон жарыялоо; 3. чыгаруу; **изда́ть звук** үн чыгаруу.

**ИЗДЕВА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое шылдыңдаган, кемсинткен, кордогон; **издева́тельское отноше́ние** шылдыңдаган мамиле.

**ИЗДЕВА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* шылдыңдоо, кемсинтүү, кордоо; **подверга́ться издева́тельствам** шылдың болуу.

**ИЗДЕВА'ТЬСЯ** *несов. над кем-чем* шылдың кылуу, шылдыңдоо, кемсинтүү, кордоо.

**ИЗДЁВКА** *ж. разг. см.* **издева́тельство; с издёвкой** шылдың кылып.

**ИЗДЕ'ЛИЕ** *ср.* 1. (*изготовление*) иштелип чыгарылуу; **това́р куста́рного изде́лия** кустар иштеп чыгарган товар; 2. (*продукт производства*) иштеп чыгарган буюм; иштеп даярдалган буюм; **промы́шленные изде́лия** өнөр жайларында даярдалган буюмдар.

**ИЗДЁРГАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **издёргать;** 2. *прил. разг.*: **издёрганные не́рвы** өзүн өзү токтото албай турган абалга жеткирилген нервдер.

**ИЗДЁРГАТЬ** *сов. кого-что, разг.* туш-туштан асылып жатып өзүн өзү токтото албай турган абалга жеткирүү; **издёргать не́рвы** *кому-л.* *бирөөнү* нервдерди өзүн өзү токтото албаган абалга жеткирүү.

**ИЗДЁРГАТЬСЯ** *сов. разг.* өзүн өзү токтото албай турган абалга жеткирилүү.

**ИЗДЕРЖА'ТЬ** *сов. что* жумшоо, сарып кылуу, расход кылуу; **издержа́ть все де́ньги** бардык акчаны жумшап жок кылуу.

**ИЗДЕРЖА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жумшоо, сарып кылуу, расходдоо; **в доро́ге мы си́льно издержа́лись** биз жолдо көп сарып кылдык.

**ИЗДЕ'РЖКИ** *только мн.* чыгым, каражат; **изде́ржки произво́дства** өндүрүш чыгымдары; **путевы́е изде́ржки** жол чыгымдары; **суде́бные изде́ржки** сот чыгымдары.

**ИЗДО'ЛЬЩИНА** *ж.* издольщина (*шериктик; жер ээсинен арендага жер алуу; мында арендатор менен жер ээси түшүмгө ортоктош болот*).

**ИЗДО'ХНУТЬ** *сов.* өлүү (*мал, айбан, канаттуулар жөнүндө*).

**ИЗДРЕ'ВЛЕ** *нареч. уст.* байыркы убакыттан бери, ээлден бери.

**ИЗДЫХА'НИЕ** *ср.*: **до после́днего издыха́ния** өлөр-өлгөнгө чейин; **при после́днем издыха́нии** өлөр алдында, өлүм алдында.

**ИЗДЫХА'ТЬ** *несов. см.* **издо́хнуть.**

**ИЗЖА'РИТЬ** *сов. что* кууруу, кууруп бүтүү; **изжа́рить ку́рицу** тоокту кууруп бүтүү.

**ИЗЖА'РИТЬСЯ** *сов.* куурулуу, куурулуп бышырылуу; **мя́со уже́ изжа́рилось** эт куурулуп бышты.

**ИЗЖЁВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **изжева́ть;** 2. *прил. разг.* (*смятый*) бырышкан, уйпаланган; **изжёванное пла́тье** бырышкан көйнөк, уйпаланган көйнөк.

**ИЗЖЕВА'ТЬ** *сов. что, разг.* кепшеп бүтүрүү, чайнап бүтүрүү, чайнап иштен чыгаруу.

**И'ЗЖЕЛТА-** *нареч.* саргыч, саргылжын; **цвето́к и́зжелта-кра́сного цве́та** саргыч-кызыл түстөгү гүл.

**ИЗЖИВА'ТЬ** *несов. см.* **изжи́ть.**

**ИЗЖИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*искореняться*) жоюлуу, жок болуу; 2. *страд. к* **изжива́ть.**

**ИЗЖИ'ТЬ** *сов. что* жоюу, жок кылуу; **изжи́ть име́ющиеся недоста́тки** болгон кемчиликтерди жоюу.

**ИЗЖО'ГА** *ж.* зарына, сарна, көкүрөк кыжылдоо.

**ИЗ-ЗА** *предлог с род. п.* 1. (*откуда*) -дан; **встать из-за стола́** столдон туруу; **из-за двере́й** эшиктин артынан; **из-за реки́** өзөндүн аркы өйүзүнөн; **из-за грани́цы** чет өлкөдөн; 2. (*по причине*) саатынан, кесепетинен; **из-за шу́ма ничего́ не́ было слы́шно** чуру-чуунун кесепетинен эч нерсе угулбады; **из-за дождя́ я опозда́л** жаандын саатынан мен кечигип калдым; ◇ **де́йствовать из-за угла́** жашырын, тымызын иш кылуу, арамзалык кылуу.

**И'ЗЗЕЛЕНА-** *нареч.* жашылданган, жашылданып; **и́ззелена-се́рое мо́ре** жашылданып бозомук тарткан деңиз.

**ИЗЗЯ'БНУТЬ** *сов. разг.* абдан үшүү, абдан тоңуу, абдан үшүп кетүү, абдан тоңуп кетүү.

**ИЗЛАГА'ТЬ** *несов. см.* **изложи́ть.**

**ИЗЛЕНИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* абдан жалкоо болуу.

**ИЗЛЁТ** *м.*: **пуля́ на излёте** чаалыккан ок (*учуп бара жатып, түшөрүнө жакындап, чаалыккан ок*).

**ИЗЛЕЧЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*лечение*) айыктыруу, сакайтуу; 2. (*выздоровление*) айыгуу, сакаюу; **излече́ние наступи́ло бы́стро** бат эле айыга баштады.

**ИЗЛЕ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **излечи́ть.**

**ИЗЛЕ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **излечи́ться;** 2. *страд. к* **изле́чивать.**

**ИЗЛЕЧИ'МОСТЬ** *ж.* айыгардык.

**ИЗЛЕЧИ'МЫЙ,** -ая, -ое айыгуучу, айыга турган; **излечи́мая боле́знь** айыга турган оору.

**ИЗЛЕЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* айыктыруу, сакайтуу.

**ИЗЛЕЧИ'ТЬСЯ** *сов.* айыгып кетүү, сакайып кетүү, айыгуу, сакаюу.

**ИЗЛИВА'ТЬ** *несов. см.* **изли́ть.**

**ИЗЛИВА'ТЬСЯ** *несов. разг.* өзүнүн сезимдерин, көңүлдөгүсүн айтуу (көрсөтүү); **излива́ться в жа́лобах** арыз-арманын айтуу.

**ИЗЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. *поэт.* төгүү, куюу; **изли́ть пото́ки све́та** жарыкты төгүлтүп тийгизүү; 2. (*выразить*) айтуу, чечилип муңун айтуу, ички сырын айтуу; **изли́ть доса́ду** өзүнүн ызасын айтуу.

**ИЗЛИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **излива́ться.**

**ИЗЛИ'ШЕК** *м.* 1. (*избыток*) ашык, артык; **э́того нам хва́тит с изли́шком** бул бизге ашыгы менен жетет; 2. (*лишнее*) артык баш; **това́рные изли́шки** артык баш товарлар.

**ИЗЛИ'ШЕСТВО** *ср.* өткөрө, ашык ысырап кылуу, артык, ыгы жок ысырап кылуу.

**ИЗЛИ'ШНИЙ,** -яя, -ее артыкча, ашыкча, өтө эле, эң эле; **счита́ть изли́шним** артыкча деп эсептөө; **э́то изли́шне** бул ашыкча; **изли́шняя поспе́шность** өтө эле шашкалактык.

**ИЗЛИЯ'НИЕ** *ср.* айтуу, чечилип муңун айтуу, ички сырын айтуу; **дру́жеские излия́ния** досуна чечилип өзүнүн сырын айтуу.

**ИЗЛОВИ'ТЬ** *сов. кого-что* аңдып кармоо, кармап алуу.

**ИЗЛОВЧИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* эптүүлүк кылуу, шамдагайлык кылуу, ыгын билүү, эбин табуу; **он изловчи́лся и уда́рил мяч** ал байкап туруп ыгы келгенде топту уруп калды.

**ИЗЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) баяндоо, өз сөзү менен айтуу *же* жазуу; 2. (*то, что изложено*) изложение, кыскача маанисин түшүндүрүү.

www.bizdin.kg

**ИЗМОЧА'ЛИТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* үзүп быт-чытын чыгарып таштоо, тытып бүтүрүү, чалдыбарын чыгаруу; **2.** *кого, перен.* кыйноо, чарчатуу, алын кетирүү, шайын оодаруу.

**ИЗМУ'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **измучить**; **2.** *прил.* өтө чарчаган, абдан жүдөгөн, суй жыгылган; **измученный вид** абдан жүдөгөн түр.

**ИЗМУ'ЧИТЬ** *сов. кого-что* кыйноо, азап тарттыруу, абдан чарчатуу, өтө жүдөтүү.

**ИЗМУ'ЧИТЬСЯ** *сов.* кыйналуу, чарчоо, жабыгуу, кыйналып бүтүү.

**ИЗМЫВА'ТЬСЯ** *несов. разг.* келекелөө, шылдың кылуу, маскаралоо, кордоо.

**ИЗМЫ'ЗГАТЬ** *сов. что, прост.* булгоо, кирдетүү.

**ИЗМЫ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **измылить**.

**ИЗМЫ'ЛИТЬ** *сов. что* самынды жууп түгөтүү (*коромжу кылуу*).

**ИЗМЫ'СЛИТЬ** *сов. см.* **измышлять**.

**ИЗМЫШЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) жала ойлоп чыгаруу; **2.** (*вымысел*) калп, жалган, чындыкка туура келбеген.

**ИЗМЫШЛЯ'ТЬ** *несов. что* жала ойлоп чыгаруу; **измышлять всякие небылицы** капкайдагы болбогон сөздү ойлоп чыгаруу.

**ИЗМЯ'ТЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **измять**; **2.** *прил.* бырышкан, үрпүйгөн; **измятый вид** үрпүйгөн кебете.

**ИЗМЯ'ТЬ** *сов. что* бырыштыруу, уйпалоо.

**ИЗМЯ'ТЬСЯ** *сов.* бырышуу, уйпалануу.

**ИЗНА'НКА** *ж.* **1.** кездеменин, кийимдин ички, тескери жагы; **изнанка материи** кездеменин ич жагы; **2.** *перен.* маселенин (окуянын) ички, жашырын жагы.

**ИЗНАСИ'ЛОВАНИЕ** *ср.* зордуктоо, зордук кылуу, басымчалоо, басымчалык кылуу.

**ИЗНАСИ'ЛОВАТЬ** *сов. кого* зордуктоо, зордук кылуу, басымчалоо, басымчалык кылуу.

**ИЗНА'ШИВАЕМОСТЬ** *ж.* жыртылгычтык, эскиргичтик.

**ИЗНА'ШИВАНИЕ** *ср.* жыртылуу, эскирүү; **предохранить части машин от изнашивания** машинанын бөлүктөрүн эскирүүдөн сактоо.

**ИЗНА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **износить**.

**ИЗНА'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **износиться**; **2.** *страд. к* **изнашивать**.

**ИЗНЕ'ЖЕННОСТЬ** *ж.* назиктик, эркелик, эркеликтен бузулгандык.

**ИЗНЕ'ЖЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **изнежить**; **2.** *прил.* назик, эрке, эркеликтен бузулган; **изнеженный человек** назик болуп калган киши.

**ИЗНЕ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **изнежить**.

**ИЗНЕ'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **изнежиться**; **2.** *страд. к* **изнеживать**.

**ИЗНЕ'ЖИТЬ** *сов. кого-что* назик кылуу, эрке кылуу, эркелетип бузуп коюу; **изнежить ребёнка** баланы эрке кылып өстүрүү.

**ИЗНЕ'ЖИТЬСЯ** *сов.* назик болуп калуу.

**ИЗНЕМОГА'ТЬ** *несов.* алдыроо, алдан таюу, суй жыгылуу; **изнемогать от усталости** чарчагандыктан алдырап калуу; **изнемогать под тяжестью ноши** оор жүк көтөргөндүктөн чарчап алдан таюу (суй жыгылуу).

**ИЗНЕМОЖЕ'НИЕ** *ср.* алдыроо, алсыроо, алдан таюу, суй жыгылуу; **дойти до изнеможения** чарчап суй жыгылуу.

**ИЗНЕМО'ЧЬ** *сов.* алдыроо, алсыроо, алдан таюу, суй жыгылуу.

**ИЗНЕ'РВНИЧАТЬСЯ** *сов. разг.* нервдери бузулуп бүтүү.

**ИЗНИЧТОЖА'ТЬ** *несов. см.* **изничтожить**.

**ИЗНИЧТОЖЕ'НИЕ** *ср. разг.* жок кылуу, кыруу, жоюу.

**ИЗНИЧТО'ЖИТЬ** *сов. кого-что, разг.* жок кылуу, кыруу, жоюу.

**ИЗНО'С** *м. разг.* жыртылуу, эскирүү; **не знать износа (износу)** жыртылуу, эскирүү дегенди билбөө; **до износа (износу)** жыртылганга чейин, жыртылганча; **этому пальто износа (износу) нет** бул пальто такыр жыртылбайт.

**ИЗНОСИ'ТЬ** *сов. что* жыртуу, чалдыбарын чыгаруу, тамтыгын кетирүү; **я износил сапоги** мен өтүгүмдү жырттым.

**ИЗНОСИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** жыртылуу, эскирүү, чалдыбары чыгуу, тамтыгы кетүү; **части машины износились** машинанын бөлүктөрү эскирди; **2.** *перен. разг.* эрте каруу, карылыкка эрте бой сунуу.

**ИЗНО'ШЕННОСТЬ** *ж.* жыртылгандык, эскиргендик, чалдыбары чыккандык, тамтыгы кеткендик.

**ИЗНО'ШЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **износить**; **2.** *прил.* жыртылган, эскирген, чалдыбары чыккан, тамтыгы кеткен; **изношенное платье** жыртылган көйнөк; **3.** *прил. перен. разг.* карылыкка бой сунган; карыган; **изношенное лицо** бырыш-тырыш кирип карыган бет.

**ИЗНУРЕ'НИЕ** *ср.* жүдөтүү, жабыктыруу, жабыркатуу, алсыратуу, арыктатуу; жүдөө, жабыгуу, жабыркоо, алсыроо, өңдөн азуу, арыктоо; **дойти до крайнего изнурения** аябай жүдөө; **довести до крайнего изнурения** аябай жүдөтүү.

**ИЗНУРЁННОСТЬ** *ж.* жүдөгөндүк, жабыккандык, жабыркагандык, алсырагандык, арыктагандык.

**ИЗНУРЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **изнурить**; **2.** *прил.* жүдөгөн, жабыккан, жабыркаган, алсыраган, арыктаган; **изнурённый вид** жабыккан түр.

**ИЗНУРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жүдөтүүчү, жабыктыруучу, алсыратуучу, арыктатуучу, алды кетирүүчү; **изнурительный труд** адамдын алын кетирүүчү оор эмгек.

**ИЗНУРИ'ТЬ** *сов. кого-что* жүдөтүү, жабыктыруу, жабыркатуу, алсыратуу, арыктатуу.

**ИЗНУРИ'ТЬСЯ** *сов.* жүдөө, жабыгуу, алсыроо, өңдөн азуу, арыктоо, жабыркоо.

**ИЗНУРЯ'ТЬ** *несов. см.* **изнурить**.

**ИЗНУРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1:** *см.* **изнуриться**; **2.** *страд. к* **изнурять**.

**ИЗНУТРИ'** *нареч.* ичинен, ички жагынан; **дверь заперта изнутри** эшик ичинен жабылган.

**ИЗНЫВА'ТЬ** *несов.* **1.** шалдыроо, алдыроо, муун бошоо, кыйналуу; **изнывать от жажды** суусап, кан катып кыйналуу; **2.** (*напр. от тоски*) сагынуу, саргаюу, талыгуу; **изнывать от скуки** эриккендиктен талыгуу.

**ИЗНЫ'ТЬ** *сов. см.* **изнывать**.

**ИЗО** *предлог см.* **из**; **изо всех сил** күчүнүн бардыгынча; **изо дня в день** күндөн күнгө; күн сайын.

**ИЗО-** *приставка, «й» ж. б. кээ бир тыбыш айкалыштарынын алдында «из»дин ордуна колдонулат*; *мис.* **изорвать** жыртуу, тытуу.

**ИЗОБА'РА** *ж. геогр.* изобара (*география картасында атмосфералык басуулары бирдей болгон орундарды, жерлерди кошуучу сызык*).

**ИЗОБИ'ЛИЕ** *ср.* көптүк, молдук, кененчилик; **изобилие продуктов** тамак-аштын көптүгү; **в изобилии** кененчиликте.

**ИЗОБИ'ЛОВАТЬ** *несов. кем-чем* мол болуу, көп болуу, толуп жатуу; **реки СССР изобилуют рыбой** СССРдин дарыяларында балык толуп жатат.

**ИЗОБИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое мол, көп, бай; **изобильная растительность** өсүмдүк көп, өсүмдүккө бай.

**ИЗОБЛИЧА'ТЬ** *несов. см.* **изобличить**.

**ИЗОБЛИЧЕ'НИЕ** *ср.* айбын ачуу, бетин ачуу, чыгаруу; **изобличение во лжи** калпын чыгаруу.

**ИЗОБЛИЧИ'ТЕЛЬ** *м.* айбын ачуучу, бетин ачуучу.

**ИЗОБЛИЧИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое айбын ачуучу, бетин ачуучу; **изобличительный документ** айбын ачуучу документ.

**ИЗОБЛИЧИ'ТЬ** *сов. кого в чём* айбын ачуу, бетин ачуу, чыгаруу.

**ИЗОБРАЖА'ТЬ** *несов. см.* **изобразить**.

www.bizdin.kg

**ИЗОБРАЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **изобразиться**; 2. *страд. к* **изображать**.

**ИЗОБРАЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) элестетип көрсөтүү, сүрөттөп көрсөтүү, сүрөттөлүү; 2. (*картина, образ*) түшүрүлгөн сүрөт; сүрөт; **монета с изображением герба** бетине гербдин сүрөтү түшүрүлгөн монета.

**ИЗОБРАЗИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое сүрөттөөчү, сүрөттөй турган, сүрөттөп көрсөтө турган; **изобразительные искусства** сүрөттөөчү искусстволор (*мис. живопись, графика, скульптура, архитектура*).

**ИЗОБРАЗИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*воспроизвести*) элестетип көрсөтүү, сүрөттөп көрсөтүү, сүрөттөө; 2. *что* (*выразить*) көрсөтүү; **его лицо изобразило испуг** анын өңү корккондукту көрсөттү.

**ИЗОБРАЗИ'ТЬСЯ** *сов.* көрүнүү, билинүү; **на его лице изобразилось удивление** анын өңү таң калгандыкты көрсөттү.

**ИЗОБРЕСТИ'** *сов. что* ойлоп чыгаруу, ойлоп табуу; **изобрести новый станок** жаңы станок ойлоп чыгаруу; **изобрести способ** бир нерсе иштөөнүн, бир абалдан кутулуунун жолун табуу.

**ИЗОБРЕТА'ТЕЛЬ** *м.* ойлоп чыгаруучу, ойлоп табуучу.

**ИЗОБРЕТА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* ойлоп чыгаргычтык, ойлоп тапкычтык, эптүүлүк; **проявить изобретательность** ойлоп чыгаргычтыкты көрсөтүү, эптүүлүктү көрсөтүү.

**ИЗОБРЕТА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое ойлоп чыгаргыч, ойлоп тапкыч, эптүү.

**ИЗОБРЕТА'ТЕЛЬСКИЙ**, -ая, -ое **изобретатель**-*ге т.*; **у него большие изобретательские способности** анын ойлоп чыгарууга жөндөмдүүлүгү чоң.

**ИЗОБРЕТА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* ойлоп чыгаруучулук, ойлоп табуучулук; **заниматься изобретательством** ойлоп чыгаруучулук ишин иштөө.

**ИЗОБРЕТА'ТЬ** *несов. см.* **изобрести**.

**ИЗОБРЕТЕ'НИЕ** *ср.* 1. ойлоп чыгаруу, ойлоп табуу; **изобретение радио** радиону ойлоп чыгаруу; 2. ойлоп чыгарылган нерсе, ойлоп табылган нерсе; **новые изобретения советских инженеров** советтик инженерлердин жаңыдан ойлоп чыгарган нерселери.

**ИЗО'ГНУТЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **изогнуть**; 2. *прил.* ийри-буйру, кыйшык, ийилген.

**ИЗОГНУ'ТЬ** *сов. что* ийүү, ийрийтүү.

**ИЗОГНУ'ТЬСЯ** *сов.* ийилүү, ойку-кайкы болуу.

**ИЗОДРА'ТЬ** *сов. что, разг.* жыртуу, тытуу, тамтыгын кетирүү; **изодрать в клочья** дал-дал кылып тытуу.

**ИЗОДРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жыртылуу, тытылуу, тамтыгы кетүү; **изодраться вконец** тамтыгы чыгып тытылуу.

**ИЗОЙТИ'** *сов.*: **изойти кровью** каны кетип алсыроо (кансыроо).

**ИЗОЛГА'ТЬСЯ** *сов. разг.* калпычы болуп кетүү, жалганчы болуп кетүү.

**ИЗОЛИ'РОВАННОСТЬ** *ж.* 1. бөлүнгөндүк, обочолонгондук, бөлүп коюлгандык; 2. (*единичность*) бириндегендик, сейрек боло тургандык, бөлүп алынгандык.

**ИЗОЛИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **изолировать**; 2. *прил.* (*отдельный*) бөлүнгөн, бөлүнүп турган, обочолонгон, айрым, бөлөк, катыштырбай коюлган; **изолированный больной** башка оорулардан бөлүп коюлган оору киши; **изолированная комната** эшиги бөлөк бөлмө; 3. *прил.* (*единичный*) бириндеген, сейректеген, бирин-серин, бөлүп алынган; **изолированные факты** бирин-серин фактылар; **изолированный случай** бөлүп алынган окуя; 4. *прил. тех.* изоляцияланган (*корулган; сакталган*); **изолированный электрический провод** изоляцияланган электр сымы (*энергияны коромжулукка учуроодон сактоо үчүн капталган сым*).

**ИЗОЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *кого-что* бөлүп коюу, обочолотуу, башкалардан айыруу, катыштырбай коюу; **изолировать больного** оору кишини башкалардан бөлүп коюу; 2. *тех.* изоляциялоо (*электр сымын, энергияны коромжулуктан сактоо үчүн сактоо, коруу*); **изолировать кабель** кабелди изоляциялоо.

**ИЗОЛИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* башкалардан бөлүнүү, обочолонуу, обочолоо, айрылуу; 2. *сов. и несов. тех.* изоляциялануу; 3. *несов. страд. к* **изолировать**.

**ИЗОЛИРО'ВКА** *ж. тех.* изоляциялоо.

**ИЗОЛИРО'ВОЧНЫЙ**, -ая, -ое *тех.* изоляциялагыч, изоляциялоочу; **изолировочные материалы** изоляциялагыч материалдар.

**ИЗОЛЯ'ТОР** *м.* изолятор (1. *тех. электр тогун өткөрбөй турган зат, мис. каучук, айнек*; 2. *тех. электр сымын бекитүүчү ролик*; 3. *башкалардан бөлүнүп айрым коюлууга тийиш болгон адамдарга арналган бөлмө*).

**ИЗОЛЯЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **изоляция** 2-*ге т.*; изоляциялык; **изоляционная лента** изоляциялык лента (*электр тогун өткөрбөй турган лента*).

**ИЗОЛЯ'ЦИЯ** *ж.* 1. башкалардан бөлүп коюу, обочолонтуу; **изоляция больного** оору кишини башкалардан бөлүп коюу; 2. *тех.* изоляциялоо; **изоляция проводов высокого напряжения** өтө шыкалган ток жүргөн электр сымын изоляциялоо; 3. изоляция; *см.* **изолятор** 1.

**ИЗОМОРФИ'ЗМ** *м. мин.* изоморфизм (*ар башка, бирок өзүнүн кристаллдык жаратылышы боюнча жакын болгон заттардын бир формада кристаллдашуусу*).

**ИЗОРВА'ТЬ** *сов. что* жыртуу, тытуу.

**ИЗОРВА'ТЬСЯ** *сов.* жыртылуу, тытылуу.

**ИЗОТЕ'РМА** *ж. геогр.* изотерма (*географиялык картада орточо температурасы бирдей болгон жайларды бириктирүүчү сызык*).

**ИЗОТО'ПЫ** *мн.* (*ед.* **изотоп** *м.*) изотоптор (*иреттик номери бирдей, бирок атомдук массасы ар түрдүү салмакта болгон атомдор*).

**ИЗОХРО'ННОСТЬ** *ж.* изохрондуулук (*бирдей убакыттын ичинде болгондук*).

**ИЗОХРО'ННЫЙ**, -ая, -ое изохрондуу (*бирдей убакыттын ичинде болгон*); **изохронные колебания** изохрондуу чайпалуу (термелүү).

**ИЗОЩРЕ'НИЕ** *ср.* 1. ичкелетүү, кылдаттоо, курчутуу; **изощрение слуха** угумду курчутуу; 2. (*уловка*) амал, айла, амалга салуу.

**ИЗОЩРЁННОСТЬ** *ж.* ичкелик, кылдаттык, чеберлик; **изощрённость ума** акылдын кылдаттыгы.

**ИЗОЩРЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **изощрить**; 2. *прил.* кылдат, чебер; **изощрённый слух** кылдат угаанактык.

**ИЗОЩРИ'ТЬ** *сов. что* кылдат кылуу; курчутуу; ичкертүү; жеткилең кылуу; **изощрить зрение** көздү курчутуу.

**ИЗОЩРИ'ТЬСЯ** *сов.* кылдаттануу, кылдат болуу; курчуу; ичкеленүү; жеткилең болуу.

**ИЗОЩРЯ'ТЬ** *несов. см.* **изощрить**.

**ИЗОЩРЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **изощриться**.

**ИЗ-ПОД** *предлог с род. п.* 1. (*откуда*) асты жагынан, астынан; **из-под земли** жер астынан; **из-под стола** столдун асты жагынан; 2. (*для*) салынган; -дын ...-ы; **ящик из-под снарядов** снаряд салынган ящик; **жестянка из-под консервов** консервылардын калайы; ◇ **из-под носа** көз алдыда, каратып туруп эле; **из-под палки** таяктан коркуп гана.

**ИЗРАЗЕ'Ц** *м.* изразец (*өң жагы глазурдалган бышкан жука кирпич*).

**ИЗРАЗЦО'ВЫЙ**, -ая, -ое **изразец**-*ке т.*; **изразцовая печь** изразецтен жасалган печь.

**ИЗРА'НИТЬ** *сов. кого-что* аябай жарадар кылып салуу.

**ИЗРАСХО'ДОВАТЬ** *сов. что* каражаттоо, каражат кылуу, кетирүү, расходдоо, расход кылуу, сарп кылып коюу, жумшоо.

**ИЗРАСХО'ДОВАТЬСЯ** *сов. разг.* акчанын баарын сарып кылып бүтүү, акчанын баарын расход кылып бүтүрүү.

www.bizdin.kg

**И'ЗРЕДКА** *нареч.* анда-санда, кезек-кезек; **он и́зредка быва́ет у ста́ршего бра́та** ал агасыныкында анда-санда болот.

**ИЗРЕ'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **изре́зать; изре́занный на куски́** бөлөк-бөлөк болуп кескиленген; **2.** *прил.* (*напр. берег*) булуң-буйткалуу (*мис. деңиздин, көлдүн жээги жөнүндө*).

**ИЗРЕ'ЗАТЬ** *сов. что* кескилөө, тууроо, кескилеп бүтүрүү.

**ИЗРЕ'ЗАТЬСЯ** *сов. разг.* кескиленүү, тууралуу, кесилүү.

**ИЗРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **изре́зать.**

**ИЗРЕКА'ТЬ** *несов. см.* **изре́чь.**

**ИЗРЕЧЕ'НИЕ** *ср.* санат; санат сөз (*кыска гана баяндалган акылман ой*); **изрече́ния вели́ких люде́й** улуу адамдардын санат сөздөрү.

**ИЗРЕ'ЧЬ** *сов. что, уст.* айтуу; **изре́чь и́стину** чындыкты айтуу.

**ИЗРЕШЕТИ'ТЬ** *сов. кого-что* калбыр кылуу; **изрешети́ть пу́лями** ок менен тешип калбыр кылуу.

**ИЗРИСОВА'ТЬ** *сов. что, разг.* сүрөт менен толтуруу, сүрөт тартып толтуруу.

**ИЗРИСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **изрисова́ть.**

**ИЗРУБИ'ТЬ** *сов. кого-что* кескилөө, чапкылоо, кертүү, керткилөө; **изруби́ть на дрова́** отун кылып кертүү; **изруби́ть са́блями** кылыч менен чаап өлтүрүү.

**ИЗРУГА'ТЬ** *сов. кого, разг.* абдан тилдөө, урушуп таштоо, тилдеп таштоо.

**ИЗРЫГА'ТЬ** *несов. что, уст.* кулгуу (*көбүнчө айбан жөнүндө*); ◇ **изрыга́ть прокля́тия** аябай каргоо.

**ИЗРЫГНУ'ТЬ** *однокр. см.* **изрыга́ть.**

**ИЗРЫ'ТЬ** *сов. что* казгылоо, казып тамтыгын чыгаруу.

**ИЗРЯ'ДНО** *нареч.* **1.** *разг.* бир кыйла, бир далай, аз эмес, бир топ, көп; **изря́дно уста́ть** бир кыйла чарчоо; **2.** *уст.* (*отлично*) эң жакшы, абдан жакшы; **изря́дно напи́сано** абдан жакшы жазылган.

**ИЗРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *разг.* (*значительный, большой*) бир кыйла, бир далай, бир топ, аз эмес, көп; **изря́дная су́мма де́нег** бир кыйла көп акча; **2.** *уст.* (*отличный*) эң жакшы, абдан жакшы; **изря́дная карти́на** эң жакшы сүрөт.

**ИЗУВЕ'Р** *м.* **1.** *см.* **фана́тик** 1; **2.** ашынган катаал, каардуу, ырайымсыз киши.

**ИЗУВЕ'РСКИЙ,** -ая, -ое ашынган катаал, каардуу, ырайымсыз.

**ИЗУВЕ'РСТВО** *ср.* ашынган катаалдык, каардуулук, ырайымсыздык.

**ИЗУВЕ'РСТВОВАТЬ** *несов.* аябай катаалдык кылуу.

**ИЗУВЕ'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **изуве́чить; 2.** *прил.* майып болгон, мунжу болгон.

**ИЗУВЕ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **изуве́чить.**

**ИЗУВЕ'ЧИТЬ** *сов. кого-что* майып кылуу, мунжу кылуу, чолок кылып салуу.

**ИЗУВЕ'ЧИТЬСЯ** *сов.* майып болуу, мунжу болуу.

**ИЗУКРА'СИТЬ** *сов. кого-что* кооздоп жасалгалоо, абдан кооздоо; **изукра́сить зда́ния фла́гами** имараттарды желектер менен кооздоп жасалгалоо.

**ИЗУКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **изукра́сить.**

**ИЗУМИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* эң эле укмуштуу, укмуштуудай, таң каларлыктай.

**ИЗУМИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое таң каларлык, эң эле укмуштуу, сонун; **изуми́тельные спосо́бности** таң каларлык жөндөмдүүлүк.

**ИЗУМИ'ТЬ** *сов. кого* таң калтыруу, айран калтыруу.

**ИЗУМИ'ТЬСЯ** *сов.* таң калуу, айран калуу.

**ИЗУМЛЕ'НИЕ** *ср.* таң, айран-таң; **он пришёл в изумле́ние** ал айран-таң калды.

**ИЗУМЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **изуми́ть; 2.** *прил.* айран калган, айран-таң калган; **изумлённый взгляд** айран-таң калган көз караш.

**ИЗУМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **изуми́ть.**

**ИЗУМЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **изуми́ться.**

**ИЗУМРУ'Д** *м.* зымырыт.

**ИЗУМРУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **изумруд**-*га т.*; **изумру́дный брасле́т** зымырыт билерик; **2.** (*о цвете*) зымырыттай, зымырыт түстөнгөн (*ачык жашыл түстө*).

**ИЗУРО'ДОВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **изуро́довать; 2.** *прил.* кетирилген, бузулган, майып болгон.

**ИЗУРО'ДОВАТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*искалечить*) майып кылуу; **2.** *кого-что* (*сделать уродливым, испортить*) көркүн кетирүү; көркүн, түсүн бузуу; майып кылуу; **о́спа изуро́довала его́ лицо́** чечек анын бетинин көркүн кетирди; **3.** *что, перен.* (*исказить*) бузуу.

**ИЗУ'СТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* оозеки.

**ИЗУЧА'ТЬ** *несов. см.* **изучи́ть.**

**ИЗУЧЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*освоение*) үйрөнүү, билүү; **2.** (*исследование*) текшерүү, изилдөө, үйрөнүү, таанышуу, билүү.

**ИЗУЧИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*освоить*) үйрөнүү, билүү; **изучи́ть стеногра́фию** стенографияны үйрөнүү; **2.** *кого-что* (*исследовать*) текшерүү, изилдөө, байкаштыруу, таанышуу, билүү; **изучи́ть стари́нную ру́копись** байыркы кол жазманы изилдөө; **изучи́ть боеву́ю обстано́вку** согуштук шартты байкаштыруу; **изучи́ть челове́ка** адамды билүү.

**ИЗЪЕ'ДЕННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **изъе́сть; изъе́денный мо́лью** күбө жеген; **изъе́денный мыша́ми** чычкан жеген, чычкан кемирген.

**ИЗЪЕ'ЗДИТЬ** *сов. что* кыдыруу, кыдырып чыгуу; **он изъе́здил всю страну́** ал өлкөнү бүт кыдырып чыкты.

**ИЗЪЕ'ЗЖЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **изъе́здить; 2.** *прил.* (*о дороге*) көп жүргөндүктөн бузулган, тилинген, кесилген (*жол*).

**ИЗЪЕ'СТЬ** *сов. что* **1.** көп жерин жеп коюу; **моль изъе́ла сукно́** сукнонун көп жерин күбө жеп койду; **2.** күйгүзүп жиберүү, жеп жиберүү; **кислота́ изъе́ла ткань** кислота кездемени күйгүзүп жиберди.

**ИЗЪЯВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **изъяви́тельное наклоне́ние** *грам.* жай ыңгай (*этиштин бир формасы*).

**ИЗЪЯВИ'ТЬ** *сов. что* айтуу, билдирүү; **он изъяви́л своё согла́сие** ал өзүнүн макулдугун билдирди.

**ИЗЪЯВЛЕ'НИЕ** *ср.* айтуу, билдирүү; **изъявле́ние благода́рности** ыракмат айтуу.

**ИЗЪЯВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **изъяви́ть.**

**ИЗЪЯ'Н** *м.* **1.** (*недостаток*) айып, кемчилик; **сапоги́ с изъя́ном** кемчилиги бар өтүк; **2.** *уст.* (*ущерб*) зыян (*мис. соодада*).

**ИЗЪЯ'ТИЕ** *ср.* чыгарып таштоо, алып таштоо; **изъя́тие из употребле́ния** колдонуудан чыгарып таштоо; **все без изъя́тия** эчтемесин чыгарып таштабастан, бүт бойдон.

**ИЗЪЯ'ТЬ** *сов. что* чыгарып таштоо, алып таштоо.

**ИЗЫМА'ТЬ** *несов. см.* **изъя́ть.**

**изыму́, изы́мешь** *и т. д. буд. вр.* **от изъя́ть.**

**ИЗЫСКА'НИЕ** *ср.* **1.** (*выискивание чего-л.*) издөө, издеп табуу, тырышып издөө; **изыска́ние возмо́жностей** мүмкүндүктөр издөө; **изыска́ние но́вых путе́й** жаңы жол издеп табуу; **изыска́ние средств** каражаттар издеп табуу; **2. изыска́ния** *мн.* изилдөөлөр; **геологи́ческие изыска́ния** геологиялык изилдөөлөр.

**ИЗЫ'СКАННОСТЬ** *ж.* кылдаттык, кооздук, назиктик, сыпайылык; **изы́сканность в обраще́нии** бирөөгө мамиле кылуудагы сыпайылык.

**ИЗЫ'СКАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **изыска́ть; 2.** *прил.* кылдат, көркөм, кооз, сыпайы; **изы́сканное ку́шанье** кылдат тамак (*эң жакшы даярдалган*).

**ИЗЫСКА'ТЕЛЬ** *м.* издөөчү, изилдөөчү; **инжене́р-изыска́тель** издөөчү инженер, изилдөөчү инженер.

**ИЗЫСКА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое: **изыска́тельские рабо́ты** изилдөө жумуштары (*пайдалуу кендерди издөө жумуштары*).

www.bizdin.kg

**ИЗЫСКА'ТЬ** *сов. что* издөө, издеп табуу, тырышып издөө.

**ИЗЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **изыскáть.**

**ИЗЮ'М** *м.* мейиз; ◇ **э́то не фунт изю́му** *разг.* бул оңой-олтоң иш эмес.

**ИЗЮ'МИНА** *ж. см.* **изю́минка.**

**ИЗЮ'МИНКА** *ж.* мейиз (*бир бүртүк мейиз*); ◇ **челове́к с изю́минкой** өзгөчөлүгү бар жагымдуу киши.

**ИЗЯ'ЩЕСТВО** *ср.* көркөмдүк, кооздук, сулуулук.

**ИЗЯ'ЩНЫЙ,** -ая, -ое көрктүү, көркөм, көркөмдүү, кооз, сулуу, келбеттүү; **изя́щный костю́м** көркөмдүү костюм.

**ИКА'ТЬ** *несов.* ыктытуу, ык этүү.

**ИКНУ'ТЬ** *однокр.* ыктытуу (*бир мертебе*).

**ИКО'НА** *ж.* икона (*христиандар сыйына турган кудай же олуялардын кооздоп тартылган сүрөтү*).

**ИКОНОГРА'ФИЯ** *ж.* иконография (*живопись, скульптура чыгармаларында кимдир бирөөнүн сүрөтүн үйрөнүү жана ал жөнүндө толук жазып көрсөтүү*).

**ИКО'ТА** *ж.* ыктытуу.

**ИКРА'** *ж.* 1. икра, урук (*балык жана башка кээ бир сууда жашоочу жаныбарлардын уругу*); **лягу́шечья икра́** баканын икрасы; **ры́бы ме́чут икру́** балык урук таштайт (чачат); **ке́товая икра́** кета икрасы; **зерни́стая икра́** бүртүк икра; 2. (*кушанье*) икра (*жашылчадан туурап жасалган тамактын бир түрү*); **баклажа́нная икра́** баклажан икрасы.

**ИКРИ'СТЫЙ,** -ая, -ое икралуу, уруктуу; **икри́стая ры́ба** икралуу балык (*ичинде уругу бар ургаачы балык*).

**ИКРОМЕТА'НИЕ** *ср.* икра чачуу, урук чачуу (*мис. балык*); **вре́мя икромета́ния** урук чачуу мезгили.

**И'КРЫ** *мн.* (*ед.* **икра́** *ж.*) балтыр, балтыр эт.

**ИКРЯНО'Й,** -а́я, -о́е 1. *см.* **икри́стый;** 2. (*приготовленный из икры*) икралуу.

**ИКС** *м.* икс (1. *латин алфавитинин 24 тамгасы*; 2. *мат. математикада «х» тамгасы менен белгиленүүчү белгисиз сан, изделүүчү сан*).

**ИЛ** *м.* тунма, чөгүндү (*суу көбөөлдөрүнө тунуп калган илээшме минерал же органикалык масса*).

**И'ЛИ** *союз* 1. *разд.* же; **за́втра и́ли послеза́втра** эртең же бүрсүгүнү; **в го́роде и́ли в дере́вне** шаарда же кыштакта; 2. *поясн.* же, башкача айтканда; **аэропла́н и́ли самолёт** аэроплан же самолёт; 3. *вопр.* (*разве*) же ... -бы; **и́ли ты не слыха́л об э́том?** же сен бул жөнүндө уккан жоксуңбу?

**И'ЛИСТЫЙ,** -ая, -ое тунмалуу, чөгүндүлүү; чополуу, чопо баскан; **и́листая по́чва** чополуу жер.

**ИЛЛЮ'ЗИЯ** *ж.* иллюзия (1. *сезим алдоосунун негизинде чыныгы нерсенин бурулуп көрүнүшү*; 2. *перен. элесте гана болуучу нерсе; кыял; иш жүзүнө ашпай турган үмүт, таттуу кыял*).

**ИЛЛЮЗО'РНЫЙ,** -ая, -ое иллюзиядан туулган, турмушка ашырылбай турган.

**ИЛЛЮМИНА'ТОР** *м. мор.* иллюминатор (*кеменин калың айнектүү тегерек терезеси*).

**ИЛЛЮМИНА'ЦИЯ** *ж.* иллюминация, иллюминациялоо, иллюминация кылуу (*бир салтанат же майрамга карата үйлөрдү жана көчөлөрдү түрдүү түстөгү лампочка ж. б. кооздоп жарык кылуу*).

**ИЛЛЮМИНОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* иллюминациялоо, иллюминация кылуу (*иллюминация менен кооздоо*).

**ИЛЛЮСТРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое иллюстрациялуу, иллюстрацияланган (*көрсөтмөлүү; сүрөттүү*).

**ИЛЛЮСТРА'ТОР** *м.* иллюстратор (*китеп-журналдардын иллюстрациясын жасоочу художник*).

**ИЛЛЮСТРА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*иллюстрирование*) иллюстрациялоо, иллюстрация кылуу (*сүрөт менен жабдуу; мисалдар менен түшүндүрүү; көрсөтмөлүү кылуу*); 2. (*рисунок и т. п.*) иллюстрация (*тексттин мазмунун түшүндүрүү үчүн тартылган сүрөт же келтирген мисал*).

**ИЛЛЮСТРИ'РОВАНИЕ** *ср.* иллюстрациялоо, иллюстрация кылуу; *см.* **иллюстра́ция** 1.

**ИЛЛЮСТРИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **иллюстри́ровать;** 2. *прил.* иллюстрациялуу, иллюстрацияланган; **иллюстри́рованный журна́л** иллюстрациялуу журнал.

**ИЛЛЮСТРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* иллюстрациялоо, иллюстрация кылуу.

**ИЛЛЮСТРИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* иллюстрациялануу, иллюстрация кылынуу; 2. *несов. страд. к* **иллюстри́ровать.**

**ИЛЬ** *см.* **и́ли.**

**И'ЛЬКА** *ж.* илька (*америкалык сасык күзөн жана анын териси*).

**ИЛЬМ** *м. бот.* ильм (*кара жыгачтын бир түрү*).

**ИМ** *мест. личн.* 1. *твор. п. от* **он, оно́** ал тарабынан; **зада́ние вы́полнено им** тапшырманы ал аткарган; 2. *дат. п. мн. от* **они́** аларга; **переда́йте им наш приве́т** аларга бизден салам айта барыңыз.

**ИМА'М** *м. рел.* ыймам, ыймам.

**ИМБИ'РНЫЙ,** -ая, -ое **имби́рь**-*ге т.*

**ИМБИ'РЬ** *м. бот.* имбирь (*тропикалык өсүмдүк; анын тамыры жакшы жыттуу, жакшы даамдуу татымал катарында колдонулат*).

**ИМЕ'НИЕ** *ср.* имение (1. *имарат; мүлк; короо*; 2. *уст. чоң жер ээлерине караштуу короо, имарат, мүлк*).

**ИМЕНИ'ННИК** *м.* именинник (*ат коюлган күнүн тойлоп жаткан адам*); **сего́дня он имени́нник** бүгүн ал именинник; ◇ **сиде́ть имени́нником** эч нерсе кылбай, кубанычтуу гана бекер отуруу.

**ИМЕНИ'ННИЦА** *женск. р. к* **имени́нник;** именинница.

**ИМЕНИ'НЫ** *только мн.* именины (*православныйларда жана католиктерде ат коюлган күнгө арнап өткөрүлүүчү той*).

**ИМЕНИ'ТЕЛЬНЫЙ: имени́тельный паде́ж** *грам.* атооч (негизги) жөндөмө.

**ИМЕНИ'ТЫЙ,** -ая, -ое *уст.* ардактуу, беделдүү; **имени́тый гость** ардактуу конок (*коомдук абалы боюнча жогорку орунда турган конок*).

**И'МЕННО** *частица* 1. так эле; так; так ошонун өзү; **э́то и́менно он** бул — так ошонун өзү; бул — так эле ошол; 2. (*при перечислении*) атап айтканда; **а и́менно: я́блоки, гру́ши и сли́вы** атап айтканда: алма, алмурут жана кара өрүк.

**ИМЕННО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*поимённый*) исимдүү, аттуу, аты көрсөтүлгөн (*айтылган, жазылган*); **именно́й спи́сок** аттары жазылган тизме; 2. (*помеченный именем владельца*) аты жазылган, исми жазылган (*ээсинин аты жазылган, белгиленген*); **именно́й экземпля́р** кишинин аты жазылган китеп; **именно́й чек** кишинин атына жазылган чек; **именны́е часы́** бирөөнүн аты жазылган саат.

**ИМЕНО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **именова́ть;** ◇ **имено́ванное число́** *мат.* аттуу сан.

**ИМЕНОВА'ТЬ** *несов. кого-что* атоо, атын атоо, ат коюу, атынан чакыруу.

**ИМЕНОВА'ТЬСЯ** *несов. уст.* аталуу, ат коюлуу.

**ИМЕНУ'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **именова́ть;** 2. *прил.* аталуучу.

**ИМЕ'ТЬ** *несов. кого-что* болуу; бар (*в наст. вр.*); **име́ть при себе́ па́спорт** жанында паспорту болуу; **име́ть дете́й** баласы болуу; **ко́мната име́ет одно́ окно́** бөлмөнүн бир терезеси бар; **име́ть пра́во** укуктуу болуу; **име́ть значе́ние** маанилүү болуу, мааниге ээ болуу; **име́ть возмо́жность** мүмкүндүгү болуу; **э́та мате́рия име́ет метр ширины́** бул кездеменин эни бир метр; **име́ть** *кого-л.* **помо́щником** *бирөөнү* жардамчы кылып алуу; ◇ **име́ть ме́сто** (*быть, случаться*) болуу; **име́ть в виду́** ...жөнүндө айтуу; ...болуп жатат; **я бу́ду име́ть э́то в виду́** бул менин эсимде болот; **име́ть де́ло** *с кем-л. бирөө менен* алакасы болуу; **име́ть хожде́ние** өтүмдүү болуу; жүрүү, колдонулуу, өтүү;

www.bizdin.kg

**иметь** *что-л.* **против** *кандайдыр бир* каршы болуу; **иметь применение** пайдаланууга жарактуу болуу; **иметь притязания** умтулуу; *бир нерсеге* укуктуулугун көрсөтүү; **иметь понятие** түшүнүккө ээ боло билүү; **иметь намерение** ниеттенүү; **иметь мужество** эрдиги болуу; **иметь целью (задачей)** алдына койгон максаты болуу; **иметь отношение** *к кому-чему-л. бирөөгө, бир нерсеге* тиешеси болуу; **иметь голову на плечах** өз акылы өзүндө болуу.

**ИМЕ'ТЬСЯ** *несов.* болуу; бар (*в наст. вр.*); **имеется ли у вас этот номер журнала?** сизде журналдын ушул саны барбы?; **в Москве имеется много музеев** Москвада көп музей бар; **препятствий не имеется** тоскоолдук жок; каршылык жок; ◇ **имеется в виду** ...жөнүндө айтылып жатат, ...болуп жатат.

**И'МИ** *мест. личн. твор. п. от* **они** алар тарабынан; **ими выполнено задание** тапшырманы алар аткарышкан; **эта книга, оказывается, принесена ими** бул китепти алар алып келишкен турбайбы.

**ИМИТА'ТОР** *м.* имитатор, туурагыч (*бирөөнүн жүрүш-турушун, кылык-жоругун, кыймылын, үнүн так тууроочу киши*).

**ИМИТА'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*подражание*) имитациялоо, тууроо; **2.** (*подделка*) имитация, имитациялоо, имитация кылуу, окшоштуруу; **имитация кожи** териге окшотуп иштеп чыгаруу.

**ИМИТИ'РОВАТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*подражать*) имитациялоо, тууроо; **имитировать голоса животных** айбандардын үнүн тууроо; **2.** *что* (*подделывать*) имитациялоо, имитация кылуу, окшош кылуу, окшоштуруу; **имитировать мрамор** мраморго окшоштуруп коюу, мраморго окшотуп жасоо.

**ИММИГРА'НТ** *м.* иммигрант (*бир өлкөгө дайым же узак убакытка чейин туруу үчүн келген чет өлкөлүк киши*).

**ИММИГРА'НТКА** *женск. р. к* **иммигрант**; иммигрантка.

**ИММИГРАЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **иммиграция**-*га т*; иммиграциялык.

**ИММИГРА'ЦИЯ** *ж.* иммиграция (*башка бир өлкөгө дайыма же узак убакытка чейин туруу үчүн көчүп баруу*).

**ИММИГРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* иммиграция кылуу (*башка бир өлкөгө дайыма туруу үчүн көчүп баруу*).

**ИММУНИЗА'ЦИЯ** *ж. мед.* иммунизация (*организмди чыңдап, ага жугуштуу оору жукпай турган кылуу же белгилүү ууну организм кабыл кылбай турган кылуу*).

**ИММУНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что, мед.* иммунизациялоо, иммунизация кылуу.

**ИММУНИТЕ'Т** *м.* **1.** *мед.* иммунитет (*жугуштуу ооруларды же белгилүү бир ууларды организмдин кабыл албагандыгы*); **иммунитет к оспе** чечекти жуктурбоочу иммунитет; **2.** *юр.* иммунитет (*закон чыгаруучу органдын депутатынын керт башынын ошол закон чыгаруучу органдын макулдугусуз сот жообуна тартылбай тургандыгы же камакка алынбай турган укугу*); **дипломатический иммунитет** дипломаттык иммунитет; **иммунитет депутата** депутаттын иммунитети.

**ИМПЕРАТИ'В** *м.* императив (**1.** *буйрук; сөзсүз талап кылуу;* **2.** *грам. этиштин буйрук ыңгайы*).

**ИМПЕРАТИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое императивдүү (*сөзсүз багынууну, сөзсүз аткарууну талап кылуучу*); **императивный мандат** императивдүү мандат.

**ИМПЕРА'ТОР** *м.* император (**1.** *кээ бир падышалардын титулу; ушул титулдагы падыша;* **2.** *Байыркы Римде — полководецтердин ардактуу титулу*).

**ИМПЕРА'ТОРСКИЙ**, -ая, -ое **император**-*го т.*

**ИМПЕРАТРИ'ЦА** *ж.* **1.** императрица, император аял; **2.** *женск. р. к* **император** 1; императрица, императордун аялы (*жена императора*).

**ИМПЕРИАЛИ'ЗМ** *м.* империализм (*19 кылымдын аягы, 20 кылымдын башынан тартып капитализмдин чирип өлүүгө баш койгон эң жогорку жана акыркы стадиясы*).

**ИМПЕРИАЛИ'СТ** *м.* империалист.

**ИМПЕРИАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое империалисттик.

**ИМПЕРИАЛИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое *см.* **империалистический.**

**ИМПЕ'РИЯ** *ж.* империя (*башында император турган монархиялык мамлекет; азыркы кезде, мамлекеттик түзүлүшформасына карабай, колониялуу мамлекеттер да империя деп аталат; мис. Британия империясы*).

**ИМПЕ'РСКИЙ**, -ая, -ое **империя**-*га т.*; империялык; **имперские финансы** империялык финансылар.

**ИМПОЗА'НТНОСТЬ** *ж.* шаңдуулук, айбаттуулук, келбеттүүлүк.

**ИМПОЗА'НТНЫЙ**, -ая, -ое шаңдуу, айбаттуу, келбеттүү; **импозантная внешность** сырткы көрүнүштүн айбаттуулугу.

**ИМПОНИ'РОВАТЬ** *несов. кому* жагуу, жакшы болуп көрүнүү, таасир кылуу; **импонировать своим слушателям** өзүнүн угуучуларына жагуу.

**И'МПОРТ** *м.* импорт (*чет өлкөдөн товарларды алып келүү*).

**ИМПОРТЁР** *м.* импортёр (*чет өлкөдөн товарларды келтирүүчү киши*).

**ИМПОРТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* импорттоо, импорт кылуу (*чет өлкөдөн товар алып келүү*).

**И'МПОРТНЫЙ**, -ая, -ое **импорт**-*ко т.*; импорттук; **импортные товары** импорттук товарлар.

**ИМПОТЕ'НТ** *м.* импотент (*урук мүчөсү шал киши*).

**ИМПОТЕ'НТНЫЙ**, -ая, -ое **импотент**-*ке т.*

**ИМПОТЕ'НЦИЯ** *ж.* импотенция (**1.** *мед. урук мүчөсүнүн шалдыгы;* **2.** *перен. алсыздык; колунан эчтеме келбегендик, начардык*).

**ИМПРЕССИОНИ'ЗМ** *м.* импрессионизм (*искусстводо жана адабиятта 19 кылымдын ортосунда пайда болгон идеалисттик багыт; бул багыт реализмди четке кагат жана айрым кишинин гана көңүлүн, элесин чындык катарында берүүгө аракет кылат, коомдук суроолордон четтейт жана формага көп көңүл бурат да мазмунга зыян келтирет*).

**ИМПРЕССИОНИ'СТ** *м.* импрессионист (*импрессионизмди жактоочу киши*).

**ИМПРЕССИОНИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **импрессионизм**-*ге т.*; импрессионисттик.

**ИМПРЕССИОНИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое **импрессионист**-*ке т.*; импрессионисттик.

**ИМПРОВИЗА'ТОР** *м.* импровизатор (*төкмө акын; төкмө ырчы*).

**ИМПРОВИЗА'ТОРСКИЙ**, -ая, -ое **импровизатор**-*го т.*; импровизатордук; **импровизаторский талант** импровизатордук талант.

**ИМПРОВИЗА'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*действие*) импровизациялоо, импровизация кылуу (*күн мурун даярданбастан, аткарган учурдун өзүндө эле жамактап ырдоо же күү чыгарып ойноо*); **импровизация стихов** ырды импровизациялоо; **2.** (*произведение*) импровизация (*даярданбастан айтылган ыр, күү, речь*); **блестящая импровизация** эң сонун импровизация.

**ИМПРОВИЗИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **импровизировать; 2.** *прил.* импровизацияланган, импровизация кылынган; **импровизированное стихотворение** импровизацияланган ыр.

**ИМПРОВИЗИ'РОВАТЬ** *несов. что* импровизациялоо, импровизация кылуу.

**И'МПУЛЬС** *м.* **1.** импульс (*ишке шыктандыруучу күч, себеп*); **импульс к творчеству** чыгармачылыкка болгон импульс; **2.** *физиол.* импульс (*нервдик козгогучтардын таасири менен болгон эркссиз кыймыл*).

**ИМПУЛЬСИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое импульстүү; **импульсивные движения** импульстүү кыймылдар.

**ИМУ'ЩЕСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое **имущество**-*го т.*; мүлктүк; **имущественное положение** мүлктүк абал; **имущественный ценз** мүлктүк ценз.

www.bizdin.kg

**ИМУ'ЩЕСТВО** *ср.* мүлк; **госуда́рственное иму́щество** мамлекеттик мүлк; **дви́жимое иму́щество** козголмо мүлк (*мал, башка буюмдар*); **недви́жимое иму́щество** козголбос (өлүү) мүлк (*үй, жер ж. б.*).

**ИМУ'ЩИЙ,** -ая, -ее бардар, мал-мүлктүү, бай, дөөлеттүү; ◇ **власть иму́щие** *уст., ирон.* өкмөт башында тургандар, бийликте тургандар.

**И'МЯ** *ср.* (*мн.* **имена́**) **1.** ат; **его́ и́мя Аса́н** анын аты Асан; **заво́д и́мени Ки́рова** Киров атындагы завод; **и́мя и фами́лия** аты жана фамилиясы; **и́мя и о́тчество** аты жана атасынын аты; **богаты́рь по и́мени Семете́й** Семетей аттуу баатыр; **полу́чено письмо́ на твоё и́мя** сенин атыңа кат келди; **я его́ зна́ю то́лько по и́мени** мен аны сыртынан гана билемин; **2.** (*известность, слава*) атак, даңк; **учёный с мировы́м и́менем** дүйнөгө атагы чыккан окумуштуу; **челове́к с и́менем** даңкы чыккан киши; **3.** *грам.* атооч; **и́мя существи́тельное** ат атооч; **и́мя прилага́тельное** сын атооч; **и́мя числи́тельное** сан атооч; ◇ **он сде́лал э́то во и́мя дру́жбы** ал муну достуктун урматына кылды; **от и́мени** атынан; **и́менем зако́на** закон атынан; **называ́ть ве́щи свои́ми имена́ми** ар нерсени өз аты менен атоо (*жаман жагын жашырбастан, тайманбай туз айтуу керек*).

**И'НА'ЧЕ 1.** *нареч.* башкача; **э́то ну́жно сде́лать ина́че** муну башкача иштөө керек; **ина́че говоря́** башкача айтканда; **2.** *союз* болбосо, антпесе, ансыз; **беги́, ина́че опозда́ешь** жүгүр, болбосо кечигесиң; ◇ **так и́ли ина́че** кандай болбосун, баары бир; мейли, кандай болсо да; **так и́ли ина́че, я до́лжен на э́то реши́ться** кандай болсо да, мен ушундай кылууга тийишмин.

**ИНВАЛИ'Д** *м.* инвалид, майып; **инвали́д труда́** эмгек инвалиди; **инвали́д войны́** согуштун инвалиди.

**ИНВАЛИ'ДНОСТЬ** *ж.* инвалиддик, майыптык (*карылыктан же ооругандыктан же жарадар болуп майып болгондуктан дайыма же убактынча эмгекке жарабай калгандык*); **перейти́ на инвали́дность** инвалиддикке өтүү.

**ИНВАЛИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **инвалид**-*ге т.*; инвалиддик; **инвали́дный дом** инвалиддер үйү.

**ИНВЕНТАРИЗА'ЦИЯ** *ж.* инвентаризация, инвентаризациялоо, инвентаризация кылуу (*мекеменин, ишкананын ж. б. мүлктөрүн толук тизмеге алуу*); **инвентариза́ция библиоте́ки** китепкананы инвентаризациялоо; **инвентариза́ция сельскохозя́йственных ору́дий** айыл чарба шаймандарын инвентаризациялоо.

**ИНВЕНТАРИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* инвентаризациялоо, инвентаризация кылуу (*инвентаризациялык тизме түзүү*).

**ИНВЕНТА'РНЫЙ,** -ая, -ое **инвентарь**-*га т.*; инвентардык; **инвента́рная кни́га** инвентарь книгасы.

**ИНВЕНТА'РЬ** *м.* инвентарь (*чарбанын, мекеменин, ишкананын, жеке адамдын буюмдары, мал-мүлктөрү*); **заводско́й инвента́рь** заводдун инвентары; **живо́й инвента́рь** тирүү инвентарь (*мал, канаттуулар*); **мёртвый инвента́рь** өлүү инвентарь (*машиналар ж. б.*).

**ИНВЕ'РСИЯ** *ж.* инверсия (**1.** *лингв., поэт. сүйлөмдөгү сөздөрдү адаттагы тартип боюнча жайлаштырбастан, алардын орундарын алмаштырып коюу*; **2.** *хим. татаал канттардын жөнөкөй канттарга бөлүнүшү*).

**ИНВЕ'РСОР** *м. тех.* инверсор (*химиялык инверсияны жүргүзүүчү прибор*).

**ИНВЕСТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, эк.* инвестиция кылуу.

**ИНВЕСТИ'ЦИЯ** *ж. эк.* инвестиция, инвестиция кылуу (*ишканага капитал салуу*).

**ИНВЕ'СТОР** *м. эк.* инвестор (*кандайдыр бир ишканага капитал салуучу*).

**ИНГАЛЯ'ЦИЯ** *ж. мед.* ингаляция (*буу, газ же майда бүркүлгөн суюк дарыларды жыттатуу, ичке дем тарттыруу аркылуу дарылоо*).

**ИНГРЕДИЕ'НТ** *м.* ингредиент (*татаал кошундунун же аралашманын составдык бөлүгү*).

**ИНГУ'ШИ** *мн.* (*ед.* **ингу́ш** *м.*) ингуштер.

**ИНДЕ'ЕЦ** *м.* индеец.

**ИНДЕ'ЙКА** *ж.* **1.** (*птица*) ургаачы күрп; **го́рная инде́йка** улар; **2.** (*мясо*) күрптүн эти.

**ИНДЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **индеец**-*ке т.*

**ИНДЕ'ЙЦЫ** *мн.* индеецтер.

**И'НДЕКС** *м.* **1.** (*список, указатель*) индекс (*бир нерсенин баасын, атын ж. б. көрсөткүч*); **и́ндекс выходя́щих книг** басылып чыгуучу китептердин индекси; **2.** *эк.* индекс (*экономикалык көрүнүштөрдүн улам өзгөрүштөрүн процент менен көрсөтүүчү цифралык көрсөткүч*); **и́ндекс цен** баалардын индекси; **3.** *мат.* индекс (*көбүнчө ариптин оң жакы астына коюлуучу цифралык көрсөткүч*).

**ИНДЕТЕРМИНИ'ЗМ** *м. филос.* индетерминизм (*материализмге каршы идеалисттик окуунун бир түрү*).

**ИНДИА'НКА** *ж.* индианка, индиец аял, индиялык аял.

**ИНДИВИ'Д** *м. см.* **индивидуум.**

**ИНДИВИДУАЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* индивидуализация, индивидуализациялоо, индивидуализация кылуу (*өтөнчөлүк сапаттарына карай башкалардан бөлүү*).

**ИНДИВИДУАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* индивидуализациялоо, индивидуализация кылуу.

**ИНДИВИДУАЛИ'ЗМ** *м.* индивидуализм (**1.** *бир адамдын таламын коомдун таламдарына каршы коюучу буржуазиялык көз караш*; **2.** *коомдук кубулуштарды элдин, массалардын, таптардын ишинин натыйжасы деп эсептебестен айрым адамдардын ишинин натыйжасы деп эсептөөчү идеалисттик түшүнүк*).

**ИНДИВИДУАЛИ'СТ** *м.* индивидуалист (*коллективдин таламдары менен эсептешпеген, коллективден обочолонгон киши*).

**ИНДИВИДУАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **индивидуализм**-*ге т.*; индивидуалисттик.

**ИНДИВИДУА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* **1.** индивидуалдык (*бир индивидуумду экинчи индивидуумдан ажыратуучу касиеттер*); **потеря́ть свою́ индивидуа́льность** өзүнүн индивидуалдыгын жоготуу; **2.** айрым адам, айрым индивидуум; **я́ркая индивидуа́льность** көрүнүктүү индивидуум.

**ИНДИВИДУА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*личный*) айрыкча, жеке, өзүнчө (*ошол адамга таандык*); **индивидуа́льные осо́бенности** айрыкча өзгөчөлүктөрү; **2.** индивидуалдык (*ар бирөөнүн өзүнө таандык сапаттар*); **индивидуа́льное обслу́живание** индивидуалдык тейлөө; **в индивидуа́льном поря́дке** индивидуалдык тартипте; **индивидуа́льный паке́т** *мед.* индивидуалдык пакет (*ар бир боецке бериле турган, жарадар болгондо таңууга керектүү материал салынган пакет*); **3.** (*единоличный*) жеке; **индивидуа́льное крестья́нское хозя́йство** жеке дыйкан чарбасы.

**ИНДИВИ'ДУУМ** *м.* индивидуум (*айрым тирүү организм; айрым киши, личность*).

**ИНДИ'ГО** *ср. нескл. хим.* индиго (*кочкул көк боёк*).

**ИНДИ'ЕЦ** *м.* индиец; индиялык.

**ИНДИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Индия**-*га,* **индиец**-*ге т.*; индиялык.

**ИНДИ'ЙЦЫ** *мн.* индиецтер, индиялыктар.

**ИНДИКА'ТОР** *м.* индикатор (**1.** *тех. кандайдыр бир нерсени өлчөш үчүн колдонулуучу ар кандай прибор*; **2.** *хим. түсүн өзгөртүү же тунма пайда болуу аркылуу химиялык реакциянын бүткөндүгүн көрсөтүүчү зат*).

**ИНДИФФЕРЕ'НТНОСТЬ** *ж.* көңүлкоштук, бир нерсеге көңүлкош кароочулук.

**ИНДИФФЕРЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое көңүлкош, көңүлкош кароочу; **индиффере́нтное отноше́ние** көңүлкош мамиле.

**ИНДОЕВРОПЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое индоевропалык; **индоевропе́йские языки́** *лингв.* индоевропалык тилдер.

**ИНДОНЕЗИ'ЕЦ** *м.* индонезиец, индонезиялык.

**ИНДОНЕЗИ'ЙКА** *женск. р. к* **индонези́ец;** индонезийка.

www.bizdin.kg

**ИНДОНЕЗИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Индонезия**-*га*, **индонезиец**-*ке т*.

**ИНДОНЕЗИ'ЙЦЫ** *мн*. индонезиецтер, индонезиялыктар.

**ИНДУКТИ'ВНОСТЬ** *ж. физ*. индуктивдүүлүк (*тело аркылуу электр тогу өткөн кезде телонун айланасында пайда болуучу магниттүү энергиянын чени, өлчөмү*).

**ИНДУКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1. индукция** 1-*ге т*.; индуктивдик; **индукти́вный ме́тод** индуктивдик метод; **2. индукция** 2-*ге т*.; индукциялык; **индукти́вный ток** индукциялык ток.

**ИНДУ'КТОР** *м. физ*. индуктор (*алмашма ток берүүчү көп чоң эмес электромагниттүү машина*).

**ИНДУ'КТОРНЫЙ,** -ая, -ое **индуктор**-*го т*.

**ИНДУКЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **индукция** 2-*ге т*.; индукциялык; **индукцио́нная кату́шка** индукциялык катушка (*электр тогун кайта түзүүчү прибор*).

**ИНДУ'КЦИЯ** *ж*. индукция (**1.** *филос. айрым фактылардын негизинде жалпы корутундулар чыгаруу методу*; **2.** *физ. жакын турган телолорго электр жана магниттүү энергиялардын таасир этиши*).

**ИНДУЛЬГЕ'НЦИЯ** *ж. ист*. индульгенция (*«күнөөнүн кечирилгендиги» тууралу Рим папасынын атынан сатыла турган грамота; бул — чиркөөнүн таасирин чыңдоо жана динге ишенүүчүлөрдөн акча өндүрүп алуу үчүн иштелген алдоонун бир түрү*).

**ИНДУ'С** *м*. индус.

**ИНДУ'СКА** *женск. р. к* **инду́с**; индуска.

**ИНДУ'ССКИЙ,** -ая, -ое **индус**-*ка т*.

**ИНДУСТРИАЛИЗА'ЦИЯ** *ж*. индустриализация, индустриялаштыруу (*өнөр жайдын өнүгүшү, ири машина техникасынын эл чарбасында колдонулушу; ири өнөр жайды куруу жана өнүктүрүү, өзгөчө анын иштеп чыгаруу куралдарын жана каражаттарын иштеп чыгаруучу тармактарын өнүктүрүү*).

**ИНДУСТРИАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* индустриялаштыруу.

**ИНДУСТРИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **индустрия**-*га т*.; индустриялуу.

**ИНДУ'СТРИЯ** *ж*. индустрия, өнөр жай; **лёгкая инду́стрия** жеңил индустрия; **тяжёлая инду́стрия** оор индустрия.

**ИНДУ'СЫ** *мн*. индустар.

**ИНДЮ'К** *м*. күрп (*эркек күрп*); ◇ **наду́лся как индю́к** *разг*. ичине жел толгонсуп мормоюп калыптыр.

**ИНДЮ'ШКА** *ж*. ургаачы күрп.

**И'НЕЙ** *м*. кыроо, бубак; **дере́вья покры́ты и́неем** бактарды бубак баскан.

**ИНЕ'РТНОСТЬ** *ж*. шалаакылык, демилгесиздик.

**ИНЕ'РТНЫЙ,** -ая, -ое **1. инерция** 1-*ге т*.; инерттик; **2.** *перен*. шалаакы, демилгесиз; **ине́ртный челове́к** шалаакы киши, демилгесиз киши; ◇ **ине́ртные га́зы** *хим*. инерт газдары (*эч бир кошулушпай, биригишпей турган газдар: гелий, неон, аргон ж. б.*).

**ИНЕ'РЦИЯ** *ж*. **1.** *физ*. инерция (*телонун өзүнүн тынчтык абалын же бир калыпта түз бараткан кыймыл абалын, кандайдыр бир тышкы себеп бузмайынча өзүнүн ошол абалын сактоо касиети*); **зако́н ине́рции** инерция закону; **дви́гаться по ине́рции** инерция боюнча жүрүү (кыймылдоо); **2.** *перен*. шалаакылык, демилгесиздик.

**ИНЖЕ'КТОР** *м. тех*. инжектор (*буу казанына суу толтуруучу, көмүр, кен казганда эң терең шахталарга таза аба киргизип туруучу, кеменин трюмунан сууну соруп чыгаруучу насос*).

**ИНЖЕНЕ'Р** *м*. инженер; **инжене́р путе́й сообще́ния** жол катташуу инженери; **инжене́р-строи́тель** курулуш инженери; **вое́нный инжене́р** согуштук инженер; **инжене́р-эле́ктрик** электр инженери.

**ИНЖЕНЕ'РНО-ТЕХНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое инженердик-техникалык; **инжене́рно-техни́ческие рабо́тники** инженердик-техникалык кызматкерлер.

**ИНЖЕНЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое **инженер**-*ге т*.; инженердик; **инжене́рные войска́** инженердик войсколор.

**ИНЖИ'Р** *м. бот*. анжир (*жыгачы жана жемиши*).

**ИНЖИ'РНЫЙ,** -ая, -ое **инжир**-*ге т*.; **инжи́рное варе́нье** анжир вареньеси.

**ИНИЦИА'ЛЫ** *мн*. (*ед*. **инициа́л** *м*.) инициал (*атынын жана атасынын атынын биринчи тамгалары*).

**ИНИЦИАТИ'ВА** *ж*. **1.** инициатива, демилге; **прояви́ть инициати́ву** инициатива көрсөтүү; **по со́бственной инициати́ве** өзүнүн демилгеси боюнча; **тво́рческая инициати́ва масс** массанын чыгармачылык демилгеси; **2.** инициатива (*кандайдыр бир иштеги жетекчилик роль*); **взять инициати́ву в свой ру́ки** инициативаны өз колуна алуу.

**ИНИЦИАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*проявивший инициативу*) инициативдик, инициативалуу, демилгелүү (*демилге көрсөткөн*); **инициати́вная гру́ппа** инициативалуу группа, демилгелүү топ; **2.** (*обладающий инициативой*) инициативалуу, демилгелүү; **инициати́вный челове́к** демилгелүү киши.

**ИНИЦИА'ТОР** *м*. инициатор (*бир иште демилге көрсөткөн киши*).

**ИНКАССА'ТОР** *м. фин*. инкассатор (*инкассо операциясын жүргүзүүчү адам*).

**ИНКАССА'ЦИЯ** *ж. фин*. инкассация (*инкассо операциясын жүргүзүү*); **инкасса́ция ве́кселя** вексель инкассациясы.

**ИНКАССИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, фин*. инкассациялоо; **инкасси́ровать ве́ксель** векселди инкассациялоо.

**ИНКА'ССО** *ср. нескл. фин*. инкассо (*ишенүүчүнүн тапшыруусу боюнча вексель же башка документ менен акча алуу*).

**ИНКВИЗИ'ТОР** *м*. **1.** *ист*. инквизитор (*инквизиция мүчөсү*); **2.** *перен*. мыкачы, катаал киши.

**ИНКВИЗИ'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **1. инквизитор** 1-*ге т*.; **2.** *перен*. катаалдык, каардуулук; **инквизи́торский взгляд** каардуу көз караш.

**ИНКВИЗИЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **инквизиция** 1-*ге т*.

**ИНКВИЗИ'ЦИЯ** *ж*. **1.** *ист*. инквизиция (*католик чиркөөсүнө каршы болгон көз караштар жана ошондой көз караштагы адамдарга каршы күрөшүү үчүн Рим папалары тарабынан уюштурулган 13 кылымдын башындагы сот-полициялык уюм; бул уюм чиркөөнүн душмандарына абдан мыкачылык менен мамиле кылган*); **2.** *перен*. мыкачылык менен кыйноо, ырайымсыз катаалдык.

**ИНКО'ГНИТО 1.** *нареч*. инкогнито, жашырын; жашырын ат менен, атын жашырып; **путеше́ствовать инко́гнито** жашырын саякат кылуу; **2.** *ср. нескл*. жашырын ат менен жүрүү; **его́ инко́гнито раскры́лось** анын жашырын ат менен жүргөнү билинип калды, анын жашырын аты билинип калды.

**ИНКОРПОРА'ЦИЯ** *ж*. инкорпорация (**1.** *бир нерсенин составына киргизилүү, кошулуу*; **2.** *юр. укуктун кандайдыр бир тармагына тиешелүү болгон закондорду системага салып, алардын мазмунун өзгөртпөстөн бир жыйнакка киргизүү*).

**ИНКОРПОРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* инкорпорациялоо.

**ИНКРИМИНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, юр*. айып коюу, күнөө коюу; айыптоо, күнөөлөө; **инкримини́ровать** *кому-л*. **хала́тное отноше́ние к свои́м обя́занностям** бирөөнү өзүнүн милдеттерине салкын караган деп күнөөлөө.

**ИНКРУСТА'ЦИЯ** *ж*. инкрустация (*жыгач, таш же сөөктөн жасалган буюмдун оймолоруна башка материалдан басылган кооздуктар*); **перламу́тровая инкруста́ция** седеп инкрустация.

**ИНКРУСТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* инкрустациялоо.

**КАПИТА'Л** *м.* **1.** *эк.* капитал; **промы́шленный капита́л** өнөр жай капиталы; **фина́нсовый капита́л** финансылык капитал; **ба́нковский капита́л** банк капиталы; **постоя́нный капита́л** туруктуу капитал; **переме́нный капита́л** өзгөрмө капитал; **основно́й капита́л** негизги капитал; **оборо́тный капита́л** оборотук капитал; **мёртвый капита́л** өлүү капитал; **2.** *чаще мн., разг.* (*деньги*) капитал (*акчанын ири суммасы*).

**КАПИТАЛИЗА'ЦИЯ** *ж. эк.* капитализация, капиталдаштыруу; капиталга айландыруу (*кошумча наркты капиталга айландыруу; мүлктү акча капиталына айландыруу*).

**КАПИТАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, эк.* капиталдаштыруу, капиталга айландыруу (*кошумча наркты капиталга айландыруу; мүлктү акча капиталына айландыруу*).

**КАПИТАЛИ'ЗМ** *м.* капитализм.

**КАПИТАЛИ'СТ** *м.* капиталист.

**КАПИТАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **капитал**-*га*, **капитализм**-*ге т.*; капиталисттик; **капиталисти́ческий строй** капиталисттик түзүлүш; **капиталисти́ческое госуда́рство** капиталисттик мамлекет.

**КАПИТАЛОВЛОЖЕ'НИЕ** *ср. эк.* капитал салым (*кандайдыр ишке, ишканага жумшалган капитал*).

**КАПИТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** капиталдык, негизги, чоң маанилүү; **капита́льный труд** чоң маанилүү эмгек, негизги эмгек; **2.** *разг.* көп эмгек *же* көп акча кеткен нерсе; **капита́льная поку́пка** көп акчага сатып алынган нерсе; ◇ **капита́льное строи́тельство** капиталдык (чоң) курулуш; **капита́льная стена́** капиталдык (негизги) дубал; **капита́льный ремо́нт** чоң ремонт.

**КАПИТА'Н** *м.* капитан (**1.** *офицердик наам же армияда жана флотто чин;* **2.** *мор. кеме командири;* **3.** *спорттук команданын жетекчиси*).

**КАПИТА'НСКИЙ,** -ая, -ое **капитан**-*га т.*; **капита́нский мо́стик** капитан мостиги.

**КАПИТЕ'ЛЬ** *ж. архит.* капитель (*түркүктүн, колоннанын баш жагы*).

**КАПИТУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* **1.** капитуляциялоо, багынуу (*душманга анын айткан шарттарына көнүп багынуу*); **2.** *перен.* капитуляциялоо, ыгып калуу, коркуп чегинүү, күрөштү токтотуу.

**КАПИТУЛЯ'НТ** *м.* капитулянт (*биринчи коркунуч болгон кезде эле багынууга даяр болгон адам*).

**КАПИТУЛЯ'НТСКИЙ,** -ая, -ое **капитулянт**-*ка т.*

**КАПИТУЛЯ'ЦИЯ** *ж.* **1.** капитуляция, капитуляциялоо, багынуу (*«жеңилдим» деп душманга багынуу, бой сунуу*); **безоговоро́чная капитуля́ция** кыңк этпей багынуу; **2.** *перен.* капитуляция, ыгып калуу, коркуп чегинүү, күрөштү токтотуу.

**КА'ПИЩЕ** *ср. уст.* капище, буткана (*бутпарастардын храмы*).

**КАПКА'Н** *м.* капкан; **лиса́ попа́лась в капка́н** түлкү капканга түштү.

**КА'ПЛИ** *мн.* (*лекарство*) тамчылатып иче турган дары; **серде́чные ка́пли** жүрөк ооруга иче турган дары.

**КАПЛУ'Н** *м.* каплун (*бычылган жана союу үчүн байлап семиртилген короз*).

**КА'ПЛЯ** *ж.* **1.** тамчы; **кру́пные ка́пли дождя́** жамгырдын ири тамчылары; **2.** *перен. разг.* (*самое малое количество*) кенедей, эң аз, аз гана; **я ни ка́пли не уста́л** мен кенедей да чарчаганым жок; ◇ **похо́жи как две ка́пли воды́** коёндон окшош, эгиз козудай; **до ка́пли** такыр калтырбай, баарын; **до после́дней ка́пли кро́ви** жан аябай, кашык каны калганча (*мис. күрөшүү*); **ка́пля в мо́ре** эң эле кичине, эң эле аз; **ка́пли в рот не брать** *разг.* аракты такыр оозуна албоо.

**КА'ПНУТЬ** *однокр.* бир жолу тамчылатуу, тамчылоо (*бир гана тамчы*).

**КА'ПОР** *м.* капор (*баланын же аялдын кышкы баш кийиминин бир түрү*).

**КАПО'Т** *м.* капот (**1.** *аялдардын үйгө кие турган көлбөөрүгөн чапанча көйнөгү;* **2.** *тех. автомобилдин, самолёттун моторун чаңдан, жаан-чачындан сактоочу ачылма капкак*).

**КАПРА'Л** *м. воен.* капрал (*кээ бир өлкөлөрдүн армиясындагы жана 18 кылымдагы жана 19 кылымдын башы ченindеги орус армиясындагы кенже командир*).

**КАПРИ'З** *м.* **1.** кежирлик, чыргоолук (*ребёнка*); эч нерсени кыртышы сүйбөө (*больного*); назданууучулук (*женщины*); **де́тские капри́зы** балдардын чыргоосу (кежирлиги); **2.** *перен.* кубулма, өзгөрүп турма; **капри́зы пого́ды** аба ырайынын кубулмасы.

**КАПРИ'ЗНИК** *м. разг.* кежир, чыргоо.

**КАПРИ'ЗНИЦА** *женск. р. к* **капри́зник.**

**КАПРИ'ЗНИЧАТЬ** *несов.* **1.** кежирленүү, чыргоолонуу (*о ребёнке*); эч нерсени кыртышы сүйбөө (*о больном*); наздануу (*о женщине*); **2.** *перен.* (*о погоде*) кубулуу, өзгөрүп туруу.

**КАПРИ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **1.** кежир, чыргоо (*о ребёнке*); эч нерсени кыртышы сүйбөгөн (*о больном*); назданган (*о женщине*); **2.** *перен.* (*изменчивый, прихотливый*) кубулма; **капри́зная пого́да** кубулма аба ырайы.

**КАПРО'Н** *м.* капрон; **чулки́-капро́н** капрон буласынан токулган чулки.

**КАПРО'НОВЫЙ,** -ая, -ое **капрон**-*го т.*; **капро́новое волокно́** капрон буласы.

**КА'ПСУЛА** *ж.* капсула (**1.** *ичине дары салып жутула турган, желатинден жасалган оболочка;* **2.** *түрдүү органдардын же анын бөлүктөрүнүн кабынын аты*).

**КА'ПСЮЛЬ** *м. воен.* капсюль (*согуштук патрон ж. б. дүрмөткө от берүүчү, атылганда жарылып, күйүп кетүүчү зат менен толтурулган капкакча*).

**КАПТЕНА'РМУС** *м. воен. уст.* каптенармус (*армияда чарбачылык бөлүгүн, азык-түлүктү башкарып туруучу адам*).

**КАПУ'СТА** *ж.* капуста; **ква́шеная капу́ста** ачытылган капуста; **пиро́г с капу́стой** капуста кошуп жасалган пирог.

**КАПУ'СТНИЦА** *ж. зоол.* капуста көпөлөгү (*зыянкеч көпөлөктүн бир түрү*).

**КАПУ'СТНЫЙ,** -ая, -ое **капуста**-*га т.*; **капу́стный лист** капуста жалбырагы; **капу́стные че́рви** капуста жегич курттар.

**КАПУСТОУБО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **капустоубо́рочная маши́на** *с.-х.* капуста жыйноочу машина.

**КАПУ'Т** *м. нескл. разг.* өлүм, өлүү, жок болуу, куруп кетүү; **ему́ пришёл капу́т** ага өлүм келди.

**КАПЮШО'Н** *м.* капюшон (*башты чүмкөп алуу үчүн пальто же плащтын жакасына бекитилген баш кийим*); **плащ с капюшо́ном** капюшондуу плащ.

**КА'РА** *ж.* жаза, азап; **подве́ргнуть** *кого-л.* **стро́гой ка́ре** бирөөнү катуу жазага тартуу.

www.bizdin.kg

**ҚАРАБИ'Н** *м.* карабин (*кыска стволдуу мылтык; бул көбүнчө кавалерияда жана мергенчилик үчүн колдонулат*).
**ҚАРА'БКАТЬСЯ** *несов.* жогору жакка тырмалап (жөрмөлөп) чыгуу.
**ҚАРАВА'Й** *м.* тегерек бөлкө; ◇ **на чужо́й карава́й рта не разева́й** *посл.* бирөөнүн ашына мойнуңду созбо.
**ҚАРАВА'Н** *м.* 1. (*обоз*) кербен; **карава́н верблю́дов** жүк артылган төөлөр кербени; 2. (*ряд судов*) ээрчишкен кемелер; 3. *перен.* кырка тартып, чубаган нерсе (*мис. турналын учушу*).
**ҚАРАВА'ННЫЙ,** -ая, -ое караван 1, 2-*ге т.*; **карава́нный путь** кербен жолу.
**ҚАРАВА'Н-САРА'Й** *м.* кербен-сарай.
**ҚАРАГА'Ч** *м.* *бот.* кара жыгач.
**ҚАРА'ЕМОСТЬ** *ж.* *юр.* кылмыш үчүн жаза берүү чарасы.
**ҚАРАҚАЛПА'К** *м.* каракалпак.
**ҚАРАҚАЛПА'КИ** *мн.* каракалпактар.
**ҚАРАҚАЛПА'КСКИЙ,** -ая, -ое **каракалпак**-*ка т.*; **каракалпа́кский язы́к** каракалпак тили.
**ҚАРАҚАЛПА'ЧКА** *женск. р. к* **каракалпа́к.**
**ҚАРАҚА'ТИЦА** *ж.* каракатица (1. *зоол. деңиз моллюскасынын бир түрү;* 2. *перен. разг. талтайган, кыйшык буттуу киши же айбан*).
**ҚАРА'КОВЫЙ,** -ая, -ое кара тору (*ат жөнүндө*).
**ҚАРАҚУЛЕВО'ДСТВО** *ср.* козусунун көрпөсүн алуу үчүн каракөл коюн асыроочулук.
**ҚАРА'КУЛЕВЫЙ,** -ая, -ое **каракуль**-*гө т.*; **кара́кулевый воротни́к** каракөл жака.
**ҚАРА'КУЛИ** *мн.* (*ед.* **кара́куля** *ж.*) жаман жана түшүнүксүз жазылган нерсе; **де́тские кара́кули** балдардын тартайтып жазган жазуусу.
**ҚАРА'КУЛЬ** *м.* каракөл (*каракөл козусунун көрпөсү*).
**ҚАРАКУ'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое: **караку́льская овца́** каракөл кою.
**ҚАРАҚУЛЬЧА'** *ж.* каракөлчө (*каракөл коюнун ара туулган козусунун көрпөсү*).
**ҚАРА-ҚУ'РТ** *м.* *зоол.* кара курт.
**ҚАРАМЕ'ЛЬ** *ж. собир.* карамель (*конфеттин бир түрү*).
**ҚАРАНДА'Ш** *м.* карандаш; **хими́ческий каранда́ш** сыя карандаш.
**ҚАРАНДА'ШНЫЙ,** -ая, -ое **карандаш**-*ка т.*; **каранда́шное произво́дство** карандаш өндүрүшү; **каранда́шный рису́нок** карандаш менен тартылган сүрөт.
**ҚАРАНТИ'Н** *м.* карантин (1. *жугуштуу оорулар таралып кетпес үчүн жугуштуу оорулуу кишилерди же айбандарды бир жерге бөлүп коюп, ага эч кимди киргизбөө жана чыгарбоо;* 2. *жугуштуу оору бар жерлерден келген адамдарды, кемелерди, товарды текшерип көрүүчү санитардык пункт*).
**ҚАРАНТИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **карантин**-*ге т.*; карантиндик; **каранти́нный срок** карантиндик мөөнөт.
**ҚАРАПУ'З** *м.* *разг.* кичинекей болук бала, торсогой бала, чердегей бала.
**ҚАРА'СЬ** *м.* карась (*сазан түрүнө кирүүчү түзсүз сууларда жашоочу балык*).
**ҚАРА'Т** *м.* карат (*асыл таштардын салмагын өлчөө единицасы; бул — 0,2 граммга барабар*).
**ҚАРА'ТЕЛЬ** *м.* жазалоочу.
**ҚАРА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **кара́тельные ме́ры** жазалоо чаралары; **кара́тельный отря́д** жазалоо отряды.
**ҚАРА'ТЬ** *несов. кого-что* жазалоо, катуу жаза берүү, жазага тартуу, айыптоо.
**ҚАРАУ'Л** *м.* 1. караул, кароол, күзөтчү, сакчы; **почётный карау́л** ардак караулу; 2. (*обязанности по охране*) караул, кароол; **нести́ карау́л** кароолго туруу; 3. *в знач. межд.* жан соога!, кокуй, жеп салды!; ◇ **хоть карау́л кричи́** *разг.* айланды кетирет, жаныңды койбойт; **взять на карау́л** *воен.* мылтык менен честь берүү.
**ҚАРАУ'ЛИТЬ** *несов. кого-что* 1. (*охранять*) күзөтүү, кайтаруу, кайтарып тура туруу, карап туруу, көз сала туруу; **карау́лить ста́до** мал кайтаруу; 2. *разг.* (*ожидать, подстерегать*) сактап туруу, аңдып туруу; **я карау́лил его́ це́лый день** мен аны бир күнү кечке сактадым; **ко́шка карау́лит мышь** мышык чычканды аңдыйт.
**ҚАРАУ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. **караул** 1, 2-*ге т.*; **карау́льное помеще́ние** кароол үйү; 2. *в знач. сущ. м.* кароолчу, кароолго туруучу адам.
**ҚАРАЧА'ЕВЦЫ** *мн.* (*ед.* **карача́евец** *м.*) карачаевецтер.
**ҚАРА'ЧКИ** *только мн.*: **ползать на кара́чках** төрт аяктап жөрмөлөө; **стать на кара́чки** төрт аяктап туруу, тоңкоюу.
**ҚАРБИ'Д** *м.* *хим.* карбид (*углероддун металлдар же металлоиддер менен кошундусу*).
**ҚАРБИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **карбид**-*ге т.*; карбиддик; **карби́дная сталь** карбиддик болот.
**ҚАРБО'ЛКА** *ж.* *разг.* карболка; *см.* **карбо́ловый (карбо́ловая кислота́).**
**ҚАРБО'ЛОВЫЙ,** -ая, -ое: **карбо́ловая кислота́** карбол кислотасы (*уулуу, дезинфекцияга колдонулуучу суюктук*); **карбо́ловый раство́р** карболдук эритме.
**ҚАРБОНА'РИЙ** *м.* *ист.* карбонарий (*19 кылымдын башы ченде Италиядагы революциялык жашырын уюмдун мүчөсү*).
**ҚАРБОНА'Т** *м.* карбонат (1. *хим. туздун бир түрү;* 2. *мин. алмаздын бир түрү*).
**ҚАРБОРУ'НД** *м.* *хим.* карборунд (*бир нерсени жылмартуу үчүн колдонулуучу катуу кристалл зат*).
**ҚАРБУ'НКУЛ** *м.* карбункул (1. *мин. асыл таштын бир түрү; кызыл гранат;* 2. *мед. чыйкан сыяктуу көп ооздуу жара; чыйкан*).
**ҚАРБЮРА'ТОР** *м.* *тех., хим.* карбюратор (*ичтен күймө кыймылдаткычтардын ичиндеги аспап; бул — күйүүчү суюктукту — бензин, бензол, спирт ж. б — газсымал жана буу түрүндөгү күйүүчү затка айландырат*).
**ҚАРБЮРА'ЦИЯ** *ж.* *тех., хим.* карбюрация, карбюрациялоо, карбюрация кылуу (*бензин, газолин сыяктуу суюк күйгүчтөрдөн жана абадан күйүүчү кошунду түзүү*).
**ҚАРБЮРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех., хим.* карбюрациялоо, карбюрация кылуу.
**ҚАРГА'** *ж.* 1. *обл.* (*ворона*) карга; 2. *разг.* бейжай, долу кемпир.
**ҚА'РДА** *ж.* *текст.* карда (*пахтаны жана жүндү тароого арналган темир щётка*).
**ҚАРДА'Н** *м.* *тех.* кардан (*үстүнө кээ бир приборду орнотууга ылайыкталган тетик — тирөөлөрү термелген кезде анын үстүндөгү прибору кыймылдап турган тетик*).
**ҚАРДА'ННЫЙ,** -ая, -ое **кардан**-*га т.*; кардандык; **карда́нный вал** кардандык вал (*эң башына кыймылдагыч нерсе бекитилген вал*); **карда́нная переда́ча** кардандык передача (*автомобилде, трактордо, танкада алдыңкы коробкадан айланууну кардандык вал аркылуу артка окко берүү*).
**ҚАРДИНА'Л** *м.* кардинал (*католиктик чиркөөдө жогорку наам, мансап*).
**ҚАРДИНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое өтө манилүү, эң негиздүү; **кардина́льный вопро́с** эң манилүү маселе.
**ҚАРДИНА'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **кардинал**-*га т.*; кардиналдык; **кардина́льский чин** кардиналдык чин.
**ҚАРДИОГРА'ММА** *ж.* кардиограмма (*жүрөктүн кыймылын графика менен көрсөтүү*).
**ҚАРДИО'ГРАФ** *м.* кардиограф (*жүрөктүн кыймылын жазып тура турган прибор*).
**ҚАРДИ'Т** *м.* *мед.* кардит (*жүрөк оору*).
**ҚАРЕ'** *ср. нескл. воен.* каре (*туш-тушка жактан коюлган чабуулга каршы туруу үчүн пехотаны төрт бурч кылып тизүү*).
**ҚАРЕ'Л** *м.* карел.
**ҚАРЕ'ЛКА** *женск. р. к* **каре́л**; карелка.

www.bizdin.kg

карточка (*азык же товар сатып алганда, кесип алма талону бар кагаз*); **продуктóвая кáрточка** азык-түлүк карточкасы.

**КА'РТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **1. карта** 2-*ге т.*; **2. карточка** 3-*кө т.*; **кáрточная систéма** карточка системасы; **кáрточный каталóг** карточка каталогу; ◇ **кáрточный дóмик** 1) балдардын карталардан жасалган оюнчук үйү; 2) *перен.* негизи бош, негизи начар нерсе.

**КАРТО'ШКА** *ж. разг.* картошка, картөшкө.

**КАРТУ'З** *м.* картуз (*эркектин козырёктуу баш кийими*).

**КАРУСЕ'ЛЬ** *ж.* карусель (*чиркелишкен түрдүү отургучтары бар тегеренме оюндун бир түрү*).

**КАРУСЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **карусель**-*ге т.*; ◇ **карусéльный станóк** *тех.* карусель station станогу (*тегеренме станок*).

**КА'РЦЕР** *м. уст.* карцер (*түрмөдө, окуу жайларында — айыптууларды жазалаш үчүн убактысынча камап коё турган өзүнчө жай*).

**КАРЬЕ'Р** I *м.* (*ход лошади*) аттын катуу текирени; ◇ **с мéста в карьéр** салган жерден катуу кетүү, эч кандай даярдыксыз эле.

**КАРЬЕ'Р** II *м. горн.* карьер (*тайыз жаткан кендин казылып жаткан жери; таш казылып алынып чукурайган жер*).

**КАРЬЕ'РА** *ж.* карьера, мансап; **блестя́щая карьéра** сонун карьера; **сдéлать карьéру** карьера жасоо, карьерага жетүү.

**КАРЬЕРИ'ЗМ** *м.* карьеризм, мансапкордук (*керт башынын пайдасы үчүн гана жеке ийгиликтерге жетүүгө тырышуу*).

**КАРЬЕРИ'СТ** *м.* карьерист, мансапкор, мансапчы адам.

**КАРЬЕРИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **карьерист**-*ке т.*

**КАСА'НИЕ** *ср.* тийүү, тийишүү, жанышуу, жануу; **тóчка касáния** *мат.* жанышуу точкасы.

**КАСА'ТЕЛЬНАЯ** *ж. мат.* жанышма сызык, чырпыма сызык, жаныма сызык.

**КАСА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* катыштык, тийиштүүлүк, байланыштуулук; **к э́тому дéлу он не имéл никакóго касáтельства** бул ишке анын эч кандай катыштыгы жок болчу.

**КАСА'ТИК** *м. ласк. разг.* кулунум, жаным.

**КАСА'ТКА** *ж.* 1. *зоол.* касатка (*чабалекейдин бир түрү*); 2. кулунум, жаным.

**КАСА'ТЬСЯ** *несов. кого-чего* **1.** тийүү; **он бежáл, едвá касáясь земли́** ал жерге тиер-тийбес болуп жүгүрүп бара жатты; **касáться рукóй столá** столго колун тийгизүү; **2.** *перен.* (*затрагивать*) айта кетүү; токтоло өтүү, тие өтүү; **касáться** *какого-л.* **вопрóса** *кандайдыр* маселеге токтоло өтүү; **3.** *перен.* (*иметь отношение*) тийиштүү болуу (*сөз, иш жөнүндө*); **э́то меня́ не касáется** бул мага тийиштүү эмес, мунун мага тийиши жок; ◇ **что касáется меня́...** мени ала турган болсок ..., мен болсом...

**КА'СКА** *ж.* каска (*металлдан, пробкадан ж. б. жасалган шлем формасындагы баш кийим*).

**КАСКА'Д** *м.* **1.** (*водопад*) каскад (*шаркыратма же шаркыратмалардын төмөн кеткен катары*); **2.** *перен.* (*обилие чего-л.*) куюлуп, төгүлүп турган; **каскáд слов** төгүлүп турган сөз.

**КА'ССА** *ж.* **1.** касса; **театрáльная кáсса** театр кассасы; **сберегáтельная кáсса** сактык кассасы; **кáсса взаимопóмощи** өз ара жардамдашуу кассасы; **2.** (*денежная наличность*) касса (*мекеменин же ишкананын колундагы акчасы*); **провéрить кáссу** кассаны текшерүү; **3.** касса (*акчаны сактоого арналган ящик*); **4.** *полигр.* касса (*ариптер жайлаштырылган ящик*).

**КАССАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **кассация**-*га т.*; кассациялык; **кассациóнная жáлоба** кассациялык даттануу, кассациялык арыз (*соттун өкүмүн кайта карап жана жокко чыгаруу тууралу өтүнүч*); **кассациóнный срок** кассациялык мөөнөт (*сот өкүмүнө наразылыкты билдирип даттануу срогу*).

**КАССА'ЦИЯ** *ж. юр.* **1.** кассация (*соттоо закондарынын эрежелерин бузгандыгына байланыштуу төмөнкү сот инстанциясынын өкүмүн соттун жогорку инстанциясынын жокко чыгарышы*); 2. (*жалоба*) кассация (*өкүмдү ушундай кылып жокко чыгаруу тууралу берилген даттануу, өтүнүч*); **подáть кассáцию** кассация берүү.

**КАССЕ'ТА** *ж. фото* кассета (*фотография пластинкасына жарык өткөрбөй турган куту*).

**КАССИ'Р** *м.* кассир.

**КАССИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, юр.* кассация кылуу; **кассúровать пригово́р** өкүмдү кассация кылуу; **кассúровать вы́боры** шайлоону кассация кылуу (*конституцияны же шайлоо законун бузгандыктан шайлоону туура таппоо*).

**КАССИ'РША** *ж. разг.* кассирша (*кассир аял*).

**КА'ССОВЫЙ,** -ая, -ое **касса**-*га т.*; кассалык; **кáссовые операции** кассалык операциялар; **кáссовая кни́га** касса китеби.

**КА'СТА** *ж.* каста (**1.** *Индияда жана Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө — өзүнүн укугу жагынан жана теги жагынан бириккен коомдук топ; кыз алып, кыз берүүнү топтун ичинде гана жүргүзөт; топтун өзүнүн адаптары жана закондору бар;* 2. *перен. өзүнүн түнттүгүн, өзүнүн беделин жан аябай коруучу коомдук топ*).

**КАСТАНЬЕ'ТЫ** *мн.* (*ед.* **кастаньéта** *ж.*) кастаньета (*Испанияда бармактардын башына кийип алып, байлеген кезде ритмага салып шалдырата турган жыгач шакылдак*).

**КАСТЕЛЯ'НША** *ж.* кастелянша (*кандайдыр бир коомдук мекемеде ич кийимдер, шейшеп, жаздык каптары ж. б. башкарып туруучу аял*).

**КАСТЕ'Т** *м.* кастет (*бармактарга кийип алып, муштумду түймө темир курал*).

**КА'СТОВЫЙ,** -ая, -ое **каста**-*га т.*; касталык; **кáстовые предрассу́дки** каста ырым-жырымдары.

**КАСТО'Р** *м.* кастор (*тыгыз мыкты сукнонун бир түрү*).

**КАСТО'РКА** *ж.* касторка (*ичти сүрө турган дары; ич алдыргыч дары*).

**КАСТО'РОВЫЙ** I, -ая, -ое: **кастóровое мáсло** касторка майы (*ич алдыргыч май*).

**КАСТО'РОВЫЙ** II, -ая, -ое **кастор**-*го т.*; **кастóровое пальтó** кастордон тигилген пальто, кастор пальто.

**КАСТРА'Т** *м.* бычмал.

**КАСТРА'ЦИЯ** *ж.* бычуу; биттөө (*ягнёнка*).

**КАСТРИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое бычылган; биттелген (*о ягнёнке*).

**КАСТРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого* бычуу; биттөө (*ягнёнка*).

**КАСТРЮ'ЛЬКА** *ж. уменьш. от* **кастрю́ля** кичине кастрюля.

**КАСТРЮ'ЛЯ** *ж.* кастрюля.

**КАТАВА'СИЯ** *ж. разг.* тартипсиздик, баш аламандык.

**КАТАКЛИ'ЗМ** *м.* катаклизм (*табияттагы жана коомдук турмуштагы кыйратуучу чоң төңкөрүш*).

**КАТАКО'МБЫ** *мн.* (*ед.* **катакóмба** *ж.*) катакомба (*Римдеги алгачкы христиандардын жашырын түрдө намаз окуу үчүн атайы жер астына жасалган үйлөрү; жер астына жасалган узун коридор*).

**КАТАЛЕ'ПСИЯ** *ж. мед.* каталепсия (*бүткүл дененин же анын мүчөлөрүнүн бир кыйла убакытка чейин кыймылга келбей сенек болуп калышы; бул — ар түрдүү психикалык оору кезинде, гипноз убагында байкалат*).

**КАТАЛЕ'ПТИК** *м. мед.* каталепсия болгон адам.

**КАТАЛЕПТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **каталепсия**-*га т.*; каталепсиялык; **каталептúческий сон** каталепсиялык уйку.

**КАТА'ЛИЗ** *м. хим.* катализ (*химиялык реакцияны катализатордун таасири менен тездетүү же акырындатуу*).

**КАТАЛИЗА'ТОР** *м. хим.* катализатор (*химиялык реакцияны тездетүүчү же акырындатуучу, бирок өзү өзгөрбөй турган зат*).

www.bizdin.kg

**КАТАЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **катализ**-*ге т.*; катализдик; **каталити́ческая реа́кция** катализдик реакция.

**КАТАЛО'Г** *м.* каталог (*нерселердин, китептердин ж. б. бир жерге бириктирилген тизмеси; бул — аларды оңой таба турган тартипте түзүлгөн болот*); **алфави́тный катало́г** алфавит тартиби менен түзүлгөн каталог.

**КАТАЛОГИЗА'ТОР** *м.* каталогизатор (*каталог түзүүчү адам*).

**КАТАЛОГИЗА'ЦИЯ** *ж.* каталогизация, каталог түзүү.

**КАТАЛОГИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* каталог түзүү.

**КАТАЛО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **каталог**-*го т.*; **катало́жная ка́рточка** каталог карточкасы.

**КАТА'НИЕ** *ср.* 1. отуруп (түшүп) жүрүү, отургузуп (түшүрүп) жүргүзүү (*напр. в автомобиле, на лодке*); минип жүрүү, мингизип жүргүзүү (*напр. верхом на лошади, на велосипеде*); 2. тебүү, жылгаяк тебүү, сыйгалануу; **ката́ние на конька́х** коньки тебүү; **ката́ние с гор** тоодон төмөн карата сыйгалануу (жылгаяк тебүү); 3. (*напр. мяча*) тоголотуу, тегеретүү, тегеренүү; ◇ **не мытьём, так ка́таньем** *погов.* ал болбосо, башка амал, жол менен.

**КАТАПУ'ЛЬТА** *ж.* катапульта (1. *ист. байыркы заманда жаанын огун, ташты ыргытуучу машина*; 2. *воен., ав. кеменин палубасынан самолётту учуруп жиберүү үчүн жасалган атайын курулма*).

**КАТА'Р** *м. мед.* катар (*илээшме кабыктын, кыртыштын оорушу*); **ката́р желу́дка** карын катары (*ич оору*).

**КАТАРА'КТА** *ж. мед.* катаракта (*көз оорусу — чечекейдин тунарышы*).

**КАТАРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое катар болуп ооруу; **катара́льное воспале́ние лёгких** өпкөнүн катар болуп ооруушу (*өпкөдөн сезгенүүнүн бир түрү*).

**КАТАСТРО'ФА** *ж.* катастрофа (*кокустан болгон бүлгүн, кыйроо; оор натыйжалуу окуя*); **железнодоро́жная катастро́фа** темир жол катастрофасы.

**КАТАСТРОФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **катастрофа**-*га т.*; катастрофалык, аргасыз; **катастрофи́ческий слу́чай** катастрофалык окуя; **катастрофи́ческое положе́ние** аргасыз абал.

**КАТА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* отургузуп (түшүрүп) тамаша кылдырып жүргүзүү (*напр. на автомобиле, на лодке*); мингизип тамаша кылдырып жүргүзүү (*напр. на лошади, на велосипеде*); 2. *что* (*напр. мяч*) тоголотуу, тегеретүү; 3. *что* (*напр. тесто*) тоголоктоо, жаюу; 4. *что* таптоо; **ката́ть бельё** кир таптоо.

**КАТА'ТЬСЯ** *несов.* 1. отуруп (түшүп) тамаша кылып жүрүү (*напр. на автомобиле, на лодке*); минип тамаша кылып жүрүү (*напр. на лошади, на велосипеде*); 2. (*напр. на коньках*) тебүү, сыйгалануу, жылгаяк тебүү; 3. *разг.* оонoo, ооналактоо, жумалануу; **ката́ться по траве́** чөпкө ооналактоо; ◇ **ката́ться со́ смеху** *разг.* боору катуу, аябай каткыруу; **как сыр в ма́сле ката́ться** жыргап жашоо, төрт жагы кыбыла болуу; **лю́бишь ката́ться — люби́ и са́ночки вози́ть** *посл.* катын алсаң, отун ал.

**КАТАФА'ЛК** *м.* катафалк (*өлүктү көмүү үчүн салып бара турган атайы араба*).

**КАТЕГОРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое чечкиндүү, үзүл-кесил; **категори́ческий отве́т** чечкиндүү жооп.

**КАТЕГОРИ'ЧНОСТЬ** *ж.* чечкиндүүлүк; **категори́чность отве́та** жооптун чечкиндүүлүгү.

**КАТЕГОРИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **категори́ческий.**

**КАТЕГО'РИЯ** *ж.* 1. (*научная*) категория (*чындыктын жалпы кубулуштарын билдирүүчү илимий түшүнүк*); **катего́рия ка́чества и коли́чества** *филос.* сапат жана сан категориясы; **катего́рия и́мени** *грам.* атооч категориясы; 2. (*группа, разряд*) топ, түркүм, даража.

**КА'ТЕР** *м.* катер (*кичине кеме*); **торпе́дный ка́тер** торпеда катери; **сторожево́й ка́тер** сакчы катер.

**КА'ТЕТ** *м. мат.* катет (*тик бурчтуу үч бурчтуктун тик бурчун жасоочу ар жагы*).

**КАТЕ'ТЕР** *м. мед.* катетер (*шейшеби бекиген, сийдиги тутулган кишини сийдирүү же сийдик жолуна дары жиберүү үчүн колдонула турган түтүк*).

**КАТЕХИ'ЗИС** *м. рел.* катехизис (*суроо, жооп түрүндө түзүлгөн христиан дининин дин ажыттары*).

**КАТИ'ТЬ** *несов.* 1. *что* тоголотуу, тегеретүү; **кати́ть бо́чку** бочканы тоголотуу; 2. *разг.* (*быстро ехать*) зуулдатып катуу жүрүү (кетүү), жылгаяк тебүү.

**КАТИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. тоголонуу, тегеренүү; 2. *разг.* зуулдап катуу жүрүү (кетүү), жылгаяк тебүү; **автомоби́ль ка́тится по доро́ге** автомобиль жол менен зуулдап кетип бара жатат; **кати́ться в са́нках с горы́** чана менен тоодон ылдый карай жылгаяк тебүү; 3. (*течь, струиться*) мончоктоп агуу, тоголонуу, томолонуу; **слёзы кати́лись из глаз** көздөн жаш мончоктоп акты; 4. *перен.* өтүп жатуу; **день ка́тится за днём** күн артынан күн өтүп жатат; ◇ **кати́ться по́д гору** кедеринен кетүү; өлүүгө (*жоюлууга*) бет алуу.

**КАТО'Д** *м. физ.* катод (*тескери электрод, аноддун карама-каршысы*).

**КАТО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **катод**-*го т.*; катоддук; **като́дная ла́мпа** катоддук лампа (*электромагниттик теңселүүлөрдү түзүүчү же күчөтүүчү прибор; бул радиотехникада колдонулат*).

**КАТО'К** *м.* каток (1. *тебүү үчүн тазаланган муз*; 2. *тех. бир нерсени тегиздей турган, жымалай турган тегеренүүчү жумуру нерсе*; 3. *кийим таптоочу жыгач*).

**КАТО'ЛИК** *м.* католик (*католицизм жолун жолдоочу*).

**КАТОЛИЦИ'ЗМ** *м.* католицизм (*Рим папасы башкарган христиан дининин бир тармагы*).

**КАТОЛИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое католицизмдик, католиктик.

**КАТОЛИ'ЧЕСТВО** *ср.* католичество; *см.* **католици́зм.**

**КА'ТОРГА** *ж.* 1. каторга (*падышалык Россияда жана башка буржуазиялык өлкөлөрдө — сүргүнгө айдалган, бөтөнчө түрмөлөргө камалган, бардык укуктардан ажыратылган кишилерге эң оор жумуштарды мажбур кылып иштете турган орун*); 2. *перен. разг.* оор жумуш, оор турмуш.

**КАТОРЖА'НИН** *м. ист.* каторгада (сүргүндө) болгон адам.

**КА'ТОРЖНИК** *м.* каторгага айдалган адам.

**КА'ТОРЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. **каторга** 1-*ге т.*; **ка́торжные рабо́ты** каторга жумуштары; 2. *перен. разг.* адам чыдагыс оор, азаптуу; **ка́торжная жизнь** адам чыдагыс оор турмуш, **ка́торжный труд** азаптуу эмгек.

**КАТУ'ШЕЧНЫЙ,** -ая, -ое **катушка**-*га т.*

**КАТУ'ШКА** *ж.* катушка (1. *жип, сым түрүлө турган чыгырык*; 2. *тех. ар түрдүү электромагниттик приборлордо изоляцияланган сым оролуучу өзөк*).

**КА'ТЫШЕК** *м. разг.* кичинекей тоголок (*мис. коргол*).

**КАТЮ'ША** *ж. воен.* катюша (*миномёттун бир түрү*).

**КАУЗА'ЛЬНОСТЬ** *ж. филос.* себептүүлүк (*көрүнүштөрдүн себептүүлүгү; көрүнүштөрдүн, кубулуштардын себептүү байланыштуулугу*).

**КАУЗА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *филос.* себептүү, себеп менен байланыштуу.

**КАУ'РЫЙ,** -ая, -ое кер (*аттын түсү*).

**КАУСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *хим.* каустикалык (*күйдүргүч, ачыштыргыч*); **каусти́ческая со́да** каустикалык сода.

**КАУЧУ'К** *м.* каучук (*резина жасалууга жумшала турган нерсе, мис. көк сагыз, тоо сагыз өсүмдүктөрүнүн сүтү*); **иску́сственный каучу́к** жасалма каучук.

**КАУЧУ'КОВЫЙ,** -ая, -ое **каучук**-*ко т.*; **каучу́ковый лак** каучук лагы.

**КАУЧУКОНО'С** *м.* каучук чыга турган (*өсүмдүк, мис. көк сагыз*).

www.bizdin.kg

**КАУЧУКОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое каучук чыгуучу, каучук берүүчү; **каучуконо́сные расте́ния** каучук чыгуучу өсүмдүктөр.

**КАФЕ'** *ср. нескл.* кафе (*кичине ресторан*).

**КА'ФЕДРА** *ж.* 1. (*возвышение для лектора, оратора*) кафедра (*окутуучу, оратор, докладчы ж. б. үчүн жасалган бийик орун*); 2. кафедра (*жогорку окуу жайларында белгилүү бир илимди окутуучу профессорлордун жана окутуучулардын бирикмеси*); **ка́федра фи́зики** физика кафедрасы; **ка́федра исто́рии** тарых кафедрасы.

**КАФЕДРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *церк.* кафедралык; **кафедра́льный собо́р** кафедралык собор (*чокунууну жергиликтүү епископ жүргүзө турган чоң чиркөө*).

**КА'ФЕЛЬ** *м.* кафель (*бети ар түрдүү боёк менен жалтыратылып боёлгон төрт бурчтуу жука карапа; бул — мештин бетин каптоого, архитектуралык кооздоого, кээде төшөөгө жумшалат*).

**КА'ФЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **кафель**-*ге т.*; **ка́фельная печь** кафель меш.

**КАФЕТЕ'РИЙ** *м.* кафетерий (*кичине ресторандын бир түрү*).

**КАФТА'Н** *м. уст.* кафтан (*узун этектүү, эркек кийиминин бир түрү*).

**КАЦАВЕ'ЙКА** *ж. разг.* кацавейка (*алдынан топчуланбай турган аял кийиминин бир түрү*).

**КАЧА'ЛКА** *ж.* качалка (*термелүүчү орундук, кресло*).

**КАЧА'НИЕ** *ср.* 1. теңселтүү, термелүү, чайпалуу, ыргалтуу; **кача́ние ма́ятника** маятниктин термелиши; 2. (*на качелях*) селкинчек тебүү, күүлөө; 3. (*ребёнка*) терметүү; 4. *разг.* (*подбрасывание кого-л. вверх*) асманга ыргытып, кайта тосуп алуу (*урматтоо, кадырдоо иретинде бирөөнү чогулган топтун үстүнө*); 5. (*накачивание*) насос менен тартуу (*кандайдыр бир камерага абаны же башка газды үйлөтүп киргизүү*); 6. (*головой*) ийкөө, чайкоо.

**КАЧА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*приводить в колебательное движение*) ыргалтуу, теңселтүү, терметүү, чайпалтуу; **во́лны кача́ли ло́дку** толкун кайыкты чайпалтты; 2. *чем* (*головой*) ийкөө, чайкоо; 3. *кого-что* (*напр. на качелях*) селкинчек тептирүү, күүлөө; 4. *кого* (*ребёнка*) терметүү; 5. *кого, разг.* (*подбрасывать кого-л. вверх толпой*) асманга ыргытып, кайта тосуп алуу; 6. *что* (*накачивать*) насос менен тартуу (*кандайдыр бир камерага абаны же башка бир газды үйлөтүп толтуруу*).

**КАЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*колебаться*) ыргалуу, теңселүү, термелүү, чайпалуу; **ло́дка кача́ется на волна́х** кайык толкунда чайпалат; **дере́вья кача́ются от ве́тра** жыгачтар (дарактар) шамалда термелет; 2. (*на качелях*) селкинчек тебүү; 3. (*пошатываться*) копшуу.

**КАЧЕ'ЛИ** *только мн.* селкинчек.

**КА'ЧЕСТВЕННОСТЬ** *ж.* сапаттуулук, сапаты жогорулук.

**КА'ЧЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **качество**-*го т.*; сапаттык, сапаттуу; **ка́чественный ана́лиз** *хим.* сапаттык анализ; **ка́чественные показа́тели** сапат көрсөткүчтөрү; **ка́чественные ста́ли** сапаттуу болот; **ка́чественное прилага́тельное** *грам.* сапат сыны.

**КА'ЧЕСТВО** *ср. в разн. знач.* сапат; **перехо́д коли́чества в ка́чество** *филос.* сандын сапатка өтүшү; **борьба́ за ка́чество** сапат үчүн күрөш; **брига́да отли́чного ка́чества** эң жакшы сапатта иштөөчү бригада; **улучше́ние ка́чества проду́кции** продукциянын сапатын жакшыртуу; ◇ **в ка́честве** катарында, болуп; **в ка́честве преподава́теля** окутуучу катарында, окутуучу болуп; **вы́играть ка́чество** *шахм.* кичине фигураны берип, чоң фигураны алуу.

**КА'ЧКА** *ж.* чайпалуу, чайкалуу (*кеменин толкундан чайпалышы*).

**КАЧНУ'ТЬ** *однокр. кого-что, чем* солк эттирүү (*бир жолу*)

**КАЧНУ'ТЬСЯ** *однокр.* солк этүү (*бир жолу*).

**качу́, ка́тишь** *и т. д. наст. вр. от* **кати́ть.**

**качу́сь, ка́тишься** *и т. д. наст. вр. от* **кати́ться.**

**КА'ША** *ж.* 1. ботко, буламык, каша; **ри́совая ка́ша** күрүч ботко; 2. *перен. разг.* баш аламан, баш аламандык, тартипсиздик; **у него́ ка́ша в голове́** анын мээси баш аламан; ◇ **с ним ка́ши не сва́ришь** *разг.* аны менен эпке келише албайсың; **берёзовая ка́ша** *разг.* кишини сабай турган чыбык (таяк); **завари́ть ка́шу** *разг.* чатактуу бир ишти баштап салуу, ишти бүлдүрүү; **расхлёбывать ка́шу** *разг.* убаралуу ишти чечүү; **сапоги́ ка́ши про́сят** *разг.* өтүктүн чалдыбары чыкты.

**КАШАЛО'Т** *м. зоол.* кашалот (*тиштүү кит түркүмүнө жатуучу сүт эмүүчү ири деңиз айбаны*).

**КАШЕВА'Р** *м.* кашевар (*аскердик бөлүктөгү же жумушчулар артелиндеги ашмачы*).

**КА'ШЕЛЬ** *м.* жөтөл; **сухо́й ка́шель** кургак жөтөл; **схвати́ть ка́шель** жөтөл жуктуруп алуу, суук тийип жөтөлүп калуу.

**КАШЕМИ'Р** *м.* кашемир (*жүндөн токулган жука кездеменин бир түрү*).

**КАШЕМИ'РОВЫЙ,** -ая, -ое **кашемир**-*ге т.*; **кашеми́ровое пла́тье** кашемир көйнөк.

**КАШИ'ЦА** *ж. разг.* суюк ботко.

**КА'ШКА** *ж. разг.* 1. *уменьш. от* **ка́ша** 1; 2. *бот.* (*клевер*) коён беде.

**КА'ШЛЯНУТЬ** *однокр.* жөтөлүп коюу, жөткүрүп коюу (*бир жолу*).

**КА'ШЛЯТЬ** *несов.* жөтөлүү; **ка́шлять кро́вью** кан түкүрүп жөтөлүү.

**КАШНЕ'** *ср. нескл.* кашне (*моюн орогуч*).

**КАШТА'Н** *м. бот.* каштан (*жыгачы жана жемиши*).

**КАШТА'НОВЫЙ,** -ая, -ое 1. **каштан**-*га т.*; **кашта́новое де́рево** каштан жыгачы; 2. (*о цвете*) кара коңур; **кашта́новые во́лосы** кара коңур чач.

**КАЮ'К** I *м.* (*лодка*) кайык.

**КАЮ'К** II *м. нескл. разг.* ажал; **ему́ каю́к пришёл** анын ажалы жетти.

**КАЮ'ТА** *ж.* каюта (*кемеде адам отура турган өзүнчө бөлмө*).

**КАЮ'Т-КОМПА'НИЯ** *ж.* кают-компания (*кемедеги дем алып, тамак ичип олтура турган жалпы бөлмө, согуштук кемелерде офицерлердин жалпы бөлмөсү*).

**КА'ЯТЬСЯ** *несов. в чём* 1. (*приносить покаяние*) өкүнүү, тобо кылуу; 2. (*сознаваться*) кылган катасын экинчи кайталабаска сөз берүү, тобо кылуу; 3. *в знач. вводн. сл.* **ка́юсь** тобо кылдым, мойнума алам; **ка́юсь, я ма́ло об э́том ду́мал** бул жөнүндө аз ойлогондугума өкүнүп, мойнума алам.

**КВАДРА'НТ** *м.* квадрант (1. *мат. тегеректин төрттөн бир бөлүгү болуп эсептелген сектор*; 2. *воен. замбиректи жашырын позициядан атуу үчүн так түздөөчү прибор*).

**КВАДРА'Т** *м.* квадрат, чарчы; **возвести́ число́ в квадра́т** *мат.* санды квадратка көтөрүү; **в квадра́те** *мат.* эки эсе.

**КВАДРА'ТНО-ГНЕЗДОВО'Й,** -а́я, -о́е: **квадра́тно-гнездово́й спо́соб поса́дки** эгүүнүн чарчылап-чөнөктөп эгүү жолу.

**КВАДРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*имеющий форму квадрата*) квадраттуу, квадраттык, чарчы; **квадра́тная фигу́ра** чарчы фигура; **квадра́тная ско́бка** квадраттык кашаа; 2. *мат.* квадраттык (*өзүн өзүнө көбөйткөндө чыккан натыйжа*); **квадра́тный метр** квадраттык метр; **квадра́тное уравне́ние** квадраттык теңдеме; **квадра́тный ко́рень** квадраттык тамыр.

**КВАДРАТУ'РА** *ж.* квадратура (1. *мат. чоңдугу бирдей болгон фигураларды жасоо же бетти эсептеп чыгаруу*; 2. *берилген бир нерсенин аянтындагы квадраттык единицалардын саны*); ◇ **квадрату́ра кру́га** ар кандай чечилбес иш.

www.bizdin.kg

**КВАДРИЛЬО'Н** *м.* квадрильон (*жыйырма төрт нулу бар сан*).

**КВА'КАНЬЕ** *ср.* чардоо (*бакапын чардашы*).

**КВА'КАТЬ** *несов.* чардоо (*бака*).

**КВАЛИФИКАЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое квалификациялоочу; **квалификациóнная комиссия** квалификациялоочу комиссия.

**КВАЛИФИКА'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*уровень подготовленности*) квалификация (*адамдын бир профессияга же жумушка жароо даражасы*); **высшая квалификáция** жогорку квалификация; **кýрсы повышéния квалификáции** квалификацияны жогорулатуу курсу; **2.** (*специальность*) квалификация (*кесип*).

**КВАЛИФИЦИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **квалифицúровать**; **2.** *прил.* (*опытный*) квалификациялуу, тажрыйбалуу; **квалифицúрованный рабóчий** квалификациялуу жумушчу; **3.** *прил.* (*требующий специальных знаний*) квалификациялуу; **квалифицúрованный труд** квалификациялуу эмгек (*атайын даярдоону талап кылуучу эмгек*).

**КВАЛИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* квалификациялоо (**1.** *эмгекке даярдык даражасын текшерип баа берүү*; **2.** *бир нерсенин сапатын аныктоо, белгилөө, ага баа берүү*).

**КВАНТ** *м.* квант; *см.* **квáнта**.

**КВА'НТА** *ж. физ.* кванта (*кандайдыр бир энергиянын эң майда бөлүгү*).

**КВА'НТОВЫЙ**, -ая, -ое **кванта**-*га т.*; **квáнтовая теóрия** кванта теориясы; **квáнтовая механúка** кванта механикасы.

**КВА'РТА** I *ж.* (*мера*) кварта (*кээ бир өлкөлөрдө суюк жана чубурма нерселердин чени, өлчөөсү*).

**КВА'РТА** II *ж. муз.* кварта (*музыкада тыбыштардын, үндөрдүн ортосундагы интервалдын бир түрү*).

**КВАРТА'Л** *м.* квартал (**1.** *маала*; *шаардын төрт жагынан көчө менен чектелген бөлүгү*; **2.** *жылдын төрттөн бир бөлүгү, үч айга барабар бөлүгү*).

**КВАРТА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **1.** **квартал** 1-*ге т.*; кварталдык; **квартáльный учáсток** кварталдык участок, квартал участогу; **2.** **квартал** 2-*ге т.*; кварталдык; **квартáльный план** кварталдык (үч айлык) план; **квартáльный отчёт** кварталдык отчёт; **3.** *в знач. сущ. м. ист.* квартальный (*шаардын айрым бөлүгүнө надзор жүргүзүп туруучу полицейский*).

**КВАРТЕ'Т** *м. муз.* квартет (**1.** *төрт инструменттен же төрт үндөн түзүлгөн ансамбль*; **2.** *квартет үчүн жазылган чыгарма*).

**КВАРТИ'РА** *ж.* **1.** квартира (*турак үй, патир*); **2.** **квартúры** *мн. воен.* квартиралар (*аскер бөлүктөрү турууга жайлашкан орун*); **зúмние квартúры** кышкы квартиралар; ◇ **глáвная квартúра** *воен.* башкы квартира, башкы командачынын штабы (*штаб, жогорку командование ордү*).

**КВАРТИРА'НТ** *м.* квартирада туруучу адам.

**КВАРТИРА'НТКА** *женск. р. к* **квартирáнт**.

**КВАРТИ'РНЫЙ**, -ая, -ое **квартúра** 1-*ге т.*; **квартúрная плáта** квартира акысы.

**КВАРТИРОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *уст.* квартирада туруу; **2.** *воен.* (*о войсках*) бир жерде турууга жайлашуу.

**КВАРТИРОНАНИМА'ТЕЛЬ** *м.* квартира жалдоочу, квартирада туруучу.

**КВАРТИРЬЕ'Р** *м. воен.* квартирьер (*аскерлер жолдо бара жаткан кезде, конуш чалуу үчүн илгери жиберилген аскер кызматчысы*).

**КВАРТПЛА'ТА** *ж.* (квартúрная плáта) квартира акысы.

**КВАРЦ** *м. мин.* кварц (*чакмак таштын бир түрү*).

**КВА'РЦЕВЫЙ**, -ая, -ое **кварц**-*ка т.*; кварцтуу; **квáрцевая лáмпа** *мед.* кварц лампасы (*кварцтуу электр лампасы*; *жарык менен дарылангaнда колдонулат*); **квáрцевые порóды** кварц тектери, кварцтуу тектер.

**КВАРЦИ'Т** *м. мин.* кварцит (*кварцтуу кумдан ширешкен тоо теги*; *имаратты косэдоо үчүн колдонулат*).

**КВАС** *м.* квас (*нандан, жемиштен жасалган ачкыл суусун*); **хлéбный квас** нан квасы.

**КВА'СИТЬ** *несов. что* ачытуу (*тесто*); туздоо (*капусту*); уютуу (*молоко*); **квáсить капýсту** капуста туздап ачытуу.

**КВАСЦЕВА'ТЬ** *несов. что* квасцылоо (*ачуу таш эритиндисине салуу*; *квасцы менен ашатуу, мис. терини*).

**КВАСЦО'ВЫЙ**, -ая, -ое **квасцы**-*га т.*; **квасцóвый раствóр** квасцы эритиндиси.

**КВАСЦЫ'** *только мн. хим.* квасцы (*ачуу таш*; *химиялык туздун бир түрү*).

**КВА'ШЕНИЕ** *ср.* ачытуу (*о тесте*); туздоо (*о капусте*); уютуу (*о молоке*).

**КВА'ШЕНЫЙ**, -ая, -ое ачытылган (*о тесте*); туздалган (*о капусте*); уютулган (*о молоке*).

**КВАШНЯ'** *ж.* камыр ачыта турган жыгач челек.

**КВЕ'РХУ** *нареч.* жогору, үстүгөкарай; тик өөдө; **поднять квéрху** жогору (тик өөдө) көтөрүү.

**КВИ'НТА** *ж. муз.* квинта (*музыкада тыбыштардын, үндөрдүн интервалынын бир түрү*).

**КВИНТЕ'Т** *м. муз.* квинтет (**1.** *беш инструменттен же беш үндөн түзүлгөн ансамбль*; **2.** *беш музыканттан түзүлгөн ансамбль*).

**КВИНТИЛЬО'Н** *м.* квинтильон (*миң квадрильонго барабар сан*).

**КВИНТЭССЕ'НЦИЯ** *ж.* квинтэссенция (*бир нерсенин негизги мааниси*).

**КВИТАНЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **квитанция**-*га т.*; квитанциялык; **квитанциóнная кнúжка** квитанциялык дептерче.

**КВИТА'НЦИЯ** *ж.* квитанция.

**КВИ'ТЫ** *в знач. сказ.* арабызда доо жок, бир бирибизде акыбыз калган жок, эсептештик деген мааниде айтылат; **мы тепéрь квúты** арабызда доо жок, эсеп-кысабыбыз так, биз такташтык.

**КВО'РУМ** *м.* кворум (*жыйналышка катышуучулардын закон тарабынан көрсөтүлгөн, устав тарабынан белгиленген саны*; *бул сан жыйналыштын чечимдерин закондуу деп табуу үчүн зарыл шарт болуп эсептелет*).

**КВО'ТА** *ж. эк.* квота (*үлүш, бөлүк, процент*); **налóговая квóта** налогдук квота.

**КВОХТА'ТЬ** *несов. разг.* кыкылыктоо, какылыктоо (*көбүнчө тоок*).

**КЕ'ГЕЛЬ** *м. см.* **кегль**.

**КЕГЕЛЬБА'Н** *м. спорт.* кегельбан (*кегли оюну ойноло турган атайы үй*).

**КЕ'ГЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **кегли**-*ге т.*; **кéгельный шар** кегли шары.

**КЕ'ГЛИ** *мн.* кегли (*оюнчу жыгач шарды тоголотуп жүрүп отуруп белгилүү жерлерге коюлган жыгач таякчаларды кулатууга аракет кылат*).

**КЕГЛЬ** *м. полигр.* кегль (*типография арибинин белгилүү өлчөмү*).

**КЕ'ГЛЯ** *ж.* кегля (*кегли оюнунда колдонулуучу, бөтөлкө сыяктуу таякча*).

**КЕДР** *м.* кедр (*ийне жалбырактуу жыгачтардын бир түрү*); **кедр сибúрский** Сибирь кедри (*кызыл карагайдын бир түрү*); **кедр ливáнский** ливан кедри.

**КЕДРО'ВЫЙ**, -ая, -ое **кедр**-*ге т.*; **кедрóвые орéхи** кедр жаңгагы.

**КЕКС** *м.* кекс (*мейиз салган таттуу нандын бир түрү*).

**КЕЛЕ'ЙНОСТЬ** *ж.* бармак басты, көз кысты кылуучулук; жең ичинен чечүүчүлүк.

**КЕЛЕ'ЙНЫЙ**, -ая, -ое жашырын, жең ичинен; **решáть дéло келéйным óбразом** иштерди жашырын түрдө (жең ичинде) чечүү.

**КЕ'ЛЬНЕР** *м.* кельнер (*чет өлкөлөрдө — ресторандын кызматчы*).

www.bizdin.kg

**КЕ'ЛЬЯ** *ж. церк.* үжүрө (*монахтын айрым бөлмөсү*).

**КЕМ** *мест. вопр. и относ. твор. п. от* **кто** ким, ким болуп, ким тарабынан; **кем сде́лана э́та рабо́та?** бул иш ким тарабынан иштелген?; **за кем вы сто́йте?** сиз кимдин артынан турасыз?; **кем вы рабо́таете?** сиз ким болуп иштейсиз?

**КЕНА'Ф** *м. бот.* кенаф.

**КЕНГУРУ'** *м. нескл. зоол.* кенгуру (*Австралияда жашоочу сүт эмүүчү айбан, баласын боорундагы баштыгына салып жүрөт*).

**КЕНДЫ'РЬ** *м. бот.* кендир.

**КЕНТА'ВР** *м. миф.* кентавр (*байыркы гректерде жарымы адам, жарымы ат сыяктуу мифтик жаныбар*).

**КЕ'ПИ** *ср. нескл. см.* **ке́пка.**

**КЕ'ПКА** *ж.* кепка (*баш кийимдин бир түрү*).

**КЕРА'МИКА** *ж.* керамика (**1.** *карапа өндүрүшү;* **2.** *карападан жасалган буюмдар*).

**КЕРАМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **керамика**-*га т.*; керамикалык; **керами́ческие изде́лия** керамикалык буюмдар.

**КЕРМЕ'К** *м. бот.* кермек (*өсүмдүктүн бир түрү*).

**КЕРОГА'З** *м.* керогаз (*керосин жагып тамак бышыруучу прибордун бир түрү*).

**КЕРОСИ'Н** *м.* керосин.

**КЕРОСИ'НКА** *ж.* керосинка (*керосин жагып тамак бышырыла турган прибордун бир түрү*).

**КЕРОСИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **керосин**-*ге т.*; **кероси́нный** за́пах керосин жыты; **кероси́нная буты́лка** керосин куюлуучу бөтөлкө.

**КЕРОСИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **керосин**-*ге т.*; **кероси́новая ла́мпа** керосин лампасы.

**КЕССО'Н** *м. тех.* кессон (*суунун түбүндө иштөө үчүн жасалган ичине суу кирбей турган камера*).

**КЕССО'ННЫЙ,** -ая, -ое **кессон**-*го т.*; **кессо́нные рабо́ты** кессон жумуштары.

**КЕ'ТА** *ж.* кета (*Алыскы Чыгыштагы лосось түрүнө кирүүчү балык*).

**КЕТМЕ'НЬ** *м.* кетмен.

**КЕ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **кета**-*га т.*; **ке́товая икра́** кета икрасы.

**КЕФА'ЛЬ** *ж.* кефаль (*Кара деңизде жана Жер ортолук деңизде жашоочу кичирээк балыктын бир түрү*).

**КЕФИ'Р** *м.* кефир (*айрандын бир түрү*).

**КИБИ'ТКА** *ж.* **1.** (*жилище*) боз үй; **2.** *уст.* (*повозка*) үстү жабык, чүмкөлгөн араба.

**КИВА'ТЬ** *несов. см.* **кивну́ть.**

**КИВНУ'ТЬ** *однокр. чем* башты ийкеп коюу (*макулдукту билдирип же бирөөнү көрсөтүп*).

**КИВО'К** *м.* башты ийкеп коюу.

**КИДА'ТЬ** *несов. кого-что, разг.* таштоо, ыргытуу, салуу; уруу (*снежки*); **кида́ть камня́ми** *в кого-л.* бирөөгө таш ыргытуу; ◇ **кида́ть жре́бий** кара көтөн кармоо; **меня́ кида́ет то в жар, то в хо́лод** менден бир туруп ысык, бир туруп муздак тер кетип жатат.

**КИДА'ТЬСЯ** *несов. разг.* **1.** *чем* ыргытышуу, ургулашуу; урушуу (*снежками*); **2.** *на кого-что* атырылуу, качырып сала берүү, кол салуу; **соба́ка кида́ется на прохо́жих** ит өтүп бараткандарга асыла берет; **3.** *страд. к* **кида́ть.**

**КИЕВЛЯ'НИН** *м.* киевдик.

**КИЕВЛЯ'НКА** *женск. р. к* **киевля́нин.**

**КИЗИ'Л** *м.* кызыл (*жыгачы жана жемиши*).

**КИЗИ'ЛОВЫЙ,** -ая, -ое **кизил**-*ге т.*; **кизи́ловое варе́нье** кызылдын жемишинен жасалган варенье.

**КИЗЯ'К** *м.* көң, жампа, тезек.

**КИЙ** *м.* кий (*бильярд ойноочу узун ичке таяк*).

**КИКИ'МОРА** *ж.* албарсты.

**КИЛЕВО'Й,** -а́я, -о́е **киль**-*ге т.*; **килева́я ка́чка** кеменин артынан соккон толкун.

**КИЛО'** *ср. нескл. разг.* кило; *см.* **килогра́мм.**

**КИЛОВА'ТТ** *м. физ.* киловатт (*электр тогунун кубатынын единицасы*).

**КИЛОГРА'ММ** *м.* килограмм.

**КИЛОГРА'ММОВЫЙ,** -ая, -ое **килограмм**-*га т.*; килограммдык.

**КИЛОМЕ'ТР** *м.* километр.

**КИЛОМЕТРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **километр**-*ге т.*; километрдик.

**КИЛЬ** *м. мор.* киль (*кеме корпусунун төмөнкү бөлүгүнө негиз болуучу узун темир же устун жыгач*).

**КИЛЬВА'ТЕР** *м. мор.* кильватер (*кеменин жүрүп кеткен изи*).

**КИЛЬВА'ТЕРНЫЙ,** -ая, -ое **кильватер**-*ге т.*; кильватердик; **кильва́терная коло́нна** кильватердик колонна.

**КИ'ЛЬКА** *ж.* килька (*сельдь түрүнө кирүүчү майда балыктын бир түрү*).

**КИМОНО'** *ср. нескл.* кимоно (*япондун аялы жана эркеги кийүүчү чапан сыяктуу көйнөк*).

**КИНЕМА'ТИКА** *ж. физ.* кинематика (*механиканын бир бөлүмү; бул — нерселердин кыймылын, анын себептерине карабастан, текшерет*).

**КИНЕМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **кинематика**-*га т.*; кинематикалык.

**КИНЕМАТО'ГРАФ** *м. уст.* кинематограф (*кинотеатрдын үйү*).

**КИНЕМАТОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **кинематография**-*га т.*

**КИНЕМАТОГРА'ФИЯ** *ж.* кинематография (*фильмдерди чыгарып жана аларды демонстрациялоочу искусство*).

**КИНЕ'ТИКА** *ж. физ.* кинетика (*динамиканын бир бөлүмү; бул — кыймылды, аны туудуруучу жана ага таасир кылуучу күчтөргө байланыштырып текшерет*).

**КИНЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **кинетика**-*га т.*; кинетикалык; **кинети́ческая эне́ргия** кинетикалык энергия.

**КИНЖА'Л** *м.* канжар.

**КИНЖА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **кинжал**-*га т.*; ◇ **кинжа́льный ого́нь** *воен.* туура мээлөө менен жакын жерден атуу.

**КИНО'** *ср. нескл.* **1.** кино; *см.* **кинематогра́фия; звуково́е кино́** үндүү кино; **2.** кино, кинотеатр.

**КИНО-** *татаал сөздүн биринчи бөлүгү; мис.* **кинофа́брика** кинофабрика.

**КИНОАКТЁР** *м.* кинодо ойноочу артист.

**КИНОАКТРИ'СА** *женск. р. к* **киноактёр**; кинодо ойноочу артистка.

**КИНОАППАРА'Т** *м.* киноаппарат (*киносүрөт тартуучу аппарат; киносүрөттү экранда көрсөтүүчү аппарат*).

**КИНОАППАРАТУ'РА** *ж.* киноаппаратура, кино аппараттары.

**КИНОАРТИ'СТ** *м. см.* **киноактёр.**

**КИНОАРТИ'СТКА** *ж. см.* **киноактри́са.**

**КИ'НОВАРЬ** *ж.* киноварь (*кызыл минералдын бир түрү жана ошондон жасалган кызыл боёк*).

**КИНОЖУРНА'Л** *м.* киножурнал, кино журналы.

**КИНОЗРИ'ТЕЛЬ** *м.* кино көрүүчү.

**КИНОИСКУ'ССТВО** *ср.* киноискусство.

**КИНОКАРТИ'НА** *ж.* кинокартина (*кинолордо көрсөтүлө турган картина*).

**КИНОКОМЕ'ДИЯ** *ж.* кинокомедия.

**КИНОЛЕ'НТА** *ж.* кинолента (*кинокартинанын табышы жана сүрөтү түшүрүлгөн тасма*).

**КИНОМЕХА'НИК** *м.* киномеханик.

**КИНООБСЛУ'ЖИВАНИЕ** *ср.* кино менен тейлөө; **кинообслу́живание населе́ния** калкты кино менен тейлөө.

**КИНООПЕРА'ТОР** *м.* кинооператор (*кинокартинаны тартуучу адам*).

**КИНОО'ЧЕРК** *м.* киноочерк.

**КИНОПЕРЕДВИ'ЖКА** *ж.* көчмө кино.

**КИНОПЛЁНКА** *ж.* киноплёнка (*кинокартинанын табышы жазылган, сүрөтү түшүрүлгөн жалтырак тасма*).

www.bizdin.kg

**КИНОПРОМЫ'ШЛЕННОСТЬ** *ж.* кино өнөр жайы.
**КИНОРАБО'ТНИК** *м.* кино кызматкери.
**КИНОРЕЖИССЁР** *м.* кинорежиссёр (*кинокартинаны коюуга катышкан коллективдин башында турган адам*).
**КИНОРЕКЛА'МА** *ж.* кинореклама.
**КИНОСЕА'НС** *м.* киносеанс.
**КИНОСЕ'ТЬ** *ж.* кино тармактары (*кинотеатрлар жана кино мекемелеринин тармагы*).
**КИНОСТУ'ДИЯ** *ж.* киностудия.
**КИНОСЦЕНА'РИЙ** *м.* киносценарий (*киного арналып жазылган сценарий, пьеса*).
**КИНОСЦЕНАРИ'СТ** *м.* киносценарист.
**КИНОСЪЁМКА** *ж.* киносүрөт тартуу.
**КИНОТЕА'ТР** *м.* кинотеатр.
**КИНОУСТАНО'ВКА** *ж.* киноустановка (*кино көрсөтүүгө керектүү приборлор жана шаймандар*).
**КИНОФА'БРИКА** *ж.* кинофабрика.
**КИНОФЕСТИВА'ЛЬ** *м.* кинофестиваль (*майрам түрүндө бир нече кинокартиналарды көрсөтүү*).
**КИНОФИКА'ЦИЯ** *ж.* кинофикация, кинолоштуруу (*кино тармактарын кеңитип, кинотеатрларды көбөйтүү*).
**КИНОФИ'ЛЬМ** *м.* кинофильм.
**КИНОФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* **1.** (*обеспечить показ фильмов*) кинолоштуруу (*фильмаларды көрсөтүүнү камсыз кылуу*); **кинофици́ровать дере́вню** кыштакты кинолоштуруу; **2.** (*приспособить для фильма*) кинолоштуруу, кинематографияда көрсөтүүгө ылайыктоо (*мис. пьесаны*).
**КИНОХРО'НИКА** *ж.* кинохроника (*коом турмушунан тартылган кинокартина*).
**КИНОЭКРА'Н** *м.* кино экраны.
**КИ'НУТЬ** *сов. см.* **кида́ть.**
**КИ'НУТЬСЯ** *сов. см.* **кида́ться** 2; ◇ **ки́нуться в но́ги** аягына жыгылуу; **ки́нуться со всех ног** безилдеп жүгүрүп кетүү, тура жүгүрүү.
**КИО'СК** *м.* киоск (*газета, китеп, гүл жана ошол сыяктууларды сатуу үчүн кичинекей жеңил дүкөнчө*); **кни́жный киоск** китеп киоскасы.
**КИОСКЁР** *м.* (*продавец в киоске*) киоскачы.
**КИ'ПА** *ж.* **1.** кипа, таңгак; **ки́па тетра́дей** дептерлердин таңгагы; **2.** (*упаковочная мера*) таңгак; **ки́па хло́пка** пахта таңгагы, бир таңгак пахта.
**КИПАРИ'С** *м.* кипарис (*кышы-жайы дебей дайыма көгөрүп турган ийне жалбырактуу жыгач*).
**КИПАРИ'СОВЫЙ,** -ая, -ое **кипарис**-*ке т.*; **кипари́совая ро́ща** кипарис токою; **кипари́совая шкату́лка** кипаристен жасалган шкатулка.
**КИПЕ'НИЕ** *ср.* кайноо; **то́чка кипе́ния** *физ.* кайноо точкасы.
**КИПЕ'ТЬ** *несов.* **1.** (*о жидкости*) кайноо; **2.** *перен.* кызуу, жүрүп жатуу, мыкты жүрүп жатуу, жандуу түрдө мыкты болуп жатуу; **рабо́та кипи́т** жумуш кызуу жүрүп жатат, мыкты жүрүп жатат; ◇ **кипе́ть негодова́нием** жаны кашаюу.
**КИПУ'ЧЕСТЬ** *ж.* кызуу жүрүп жаткандык.
**КИПУ'ЧИЙ,** -ая, -ее **1.** (*пенящийся*) күрүлдөгөн, күркүрөгөн, көбүктөнгөн (*мис. суунун агымы*); **2.** *перен.* кызуу; **кипу́чая де́ятельность** кызуу ишкердик.
**КИПЯТИ'ЛЬНИК** *м.* кипятильник, суу кайнаткыч (*сууну кайнатуучу аппарат*).
**КИПЯТИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое суу кайнаткыч; **кипяти́льный бак** суу кайнаткыч бак.
**КИПЯТИ'ТЬ** *несов. что* кайнатуу.
**КИПЯТИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** кайнатылуу; **2.** *перен. разг.* (*горячиться*) кызууланүү, ачууланүү, алкынуу, туталанүү; **кипяти́ться из-за пустяко́в** болбогон нерсе үчүн туталануу.
**КИПЯТО'К** *м.* **1.** кайнак суу, кайнаган суу; **2.** *перен. разг.* (*о человеке*) ачуусу чукул адам, кызуу кандуу адам.
**КИПЯЧЕ'НИЕ** *ср.* кайнатуу.
**КИПЯЧЁНЫЙ,** -ая, -ое кайнаган, кайнатылган, кайнак; **кипячёная вода́** кайнак суу.
**КИРА'СА** *ж. воен. ист.* кираса, чарайна (*көкүрөккө жана аркага коюлуучу темир калкан*).
**КИРАСИ'Р** *м. воен. ист.* кирасир (*кираса тагынып жүрүүчү аскер*).
**КИРГИ'З** *м.* кыргыз.
**КИРГИ'ЗКА** *женск. р. к* **кирги́з.**
**КИРГИ'ЗСКИЙ,** -ая, -ое **киргиз**-*ге т.*; **кирги́зский язы́к** кыргыз тили; **кирги́зская литерату́ра** кыргыз адабияты.
**КИРГИ'ЗЫ** *мн.* кыргыздар.
**КИ'РЗА** *ж.* кирза (*суу өткөрбөс нерсе сүртүлгөн кездеменин бир түрү; ал — булгаары же резина ордуна колдонулат*).
**КИ'РЗОВЫЙ,** -ая, -ое **кирза**-*га т.*; **ки́рзовые сапоги́** кирзадан тигилген өтүк.
**КИРКА'** *ж.* кирка (**1.** *тех.* *чукулдук;* **2.** *эки миздүү керки; муз чагуучу, кирпич, таш жонуучу керки*).
**КИРПИ'Ч** *м.* кирпич, кыш; **произво́дство кирпича́** кирпич өндүрүшү; **обожжённый кирпи́ч** бышырылган кирпич.
**КИРПИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **кирпич**-*ке т.*; **кирпи́чный заво́д** кирпич заводу; **кирпи́чное зда́ние** кирпич үй; ◇ **кирпи́чный чай** таш чай, такта чай, сүмбө чай.
**КИСЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **кисея**-*га т.*; **кисе́йные занаве́ски** кисея пардалар; ◇ **кисе́йная ба́рышня** *ирон.* ойсоңдогон чойтеке кыз.
**КИСЕ'ЛЬ** *м.* кисель (*көбүнчө жемиш суусу же сүт кошулуп, кандайдыр бир ундан жасалган килкилдек тамак*); ◇ **седьма́я вода́ на киселе́** *разг.* жээндин жээни, желкенин тону; жыты тууган; **за семь вёрст киселя́ хлеба́ть** *разг.* жөнү жок сапарга чыгуу.
**КИСЕ'Т** *м.* тамеки калта.
**КИСЕЯ'** *ж.* кисея (*тайпа сыяктуу жука кездеме*).
**КИС-КИ'С** *межд.* мый-мый (*мышыкты чакырганда айтылат*).
**КИСЛИ'НКА** *ж.* бир аз кычкыл; **я́блоко с кисли́нкой** *разг.* бир аз кычкылы бар алма.
**КИСЛИ'ТЬ** *несов. разг.* бир аз кычкыл дамдануу; бир аз кермек даамдануу; **я́блоко немно́го кисли́т** алма бир аз кычкыл даамданат.
**КИСЛОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое бир аз кычкылыраак.
**КИСЛОРО'Д** *м. хим.* кислород (*дем алууга, тутанууга зарыл, абанын составына кирүүчү газ*).
**КИСЛОРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **кислород**-*го т.*; **кислоро́дное соедине́ние** кислород кошундусу; **кислоро́дная поду́шка** *мед.* кислород жаздыгы (*ичине кислород толтурулган резина баштык*).
**КИСЛО-СЛА'ДКИЙ,** -ая, -ое кычкыл-таттуу даамы бар.
**КИСЛОТА'** *ж.* **1.** *разг.* кычкылдык, кычкыл даам; **2.** *хим.* кислота (*химиялык кошундунун бир түрү*); **се́рная кислота́** күкүрт кислотасы; **у́ксусная кислота́** уксус кислотасы; **соляна́я кислота́** туз кислотасы; **лимо́нная кислота́** лимон кислотасы.
**КИСЛО'ТНОСТЬ** *ж. хим.* кислоталуулук; **кисло́тность желу́дочного со́ка** карын согунун кислоталуулугу; **кисло́тность по́чвы** топурактын кислоталуулугу.
**КИСЛО'ТНЫЙ,** -ая, -ое *хим.* кислоталуу, кислоталык; **кисло́тные соедине́ния** кислоталуу кошундулар.
**КИСЛОТОУПО'РНЫЙ,** -ая, -ое *хим., тех.* кислотага моюн бербеген, кислота таасир кыла албаган; **кислотоупо́рный спла́в** кислота таасир кыла албаган эритинди.
**КИ'СЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** кычкыл; **ки́слое я́блоко** кычкыл алма; **2.** (*прокисший*) ачып бузулуп калган; **3.** *хим.* кычкыл; **ки́слые раство́ры** кычкыл эритмелер; **4.** *перен.* көңүлсүз, сабыры суз, шалпысы бош, жактырбаган, кыртышы сүйбөй турган; **у него́ сего́дня ки́слое настрое́ние** бүгүн анын шалпысы бош, сабыры суз; **сде́лать ки́слое лицо́** өңүн

www.bizdin.kg

китирейтүү; ◇ **ки́слая капу́ста** ачыткан капуста; **ки́слое молоко́** айран, жуурат.

**КИСЛЯ'ТИНА** *ж. разг.* даамы өтө кычкыл нерсе.

**КИ'СНУТЬ** *несов.* **1.** ачып кычкыл болуу, ирүү (*мис. сүт*); **2.** *перен. разг.* илең-салаң болуу, көңүлсүз болуу.

**КИСТА'** *ж. мед.* киста (*сары суу же ириң толуп калталанган шишик*).

**КИСТЕВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *бот.* чок, чачы сыяктуу (*мис. жүзүмдүн сабагы*).

**КИСТЕВО'Й,** -а́я, -о́е **кисть** 1-*ге т.*; **кистево́й суста́в** беш манжа мууну.

**КИСТЕ'НЬ** *м. уст.* чокмор, чочмор.

**КИ'СТОЧКА** *ж.* **1.** *уменьш. от* **кисть** 3 кисточка; **2.** *уменьш. от* **кисть** 2 сабак.

**КИСТЬ** *ж.* **1.** (*часть руки́*) беш манжа; **2.** *бот.* сабак (*жемиштин же гүлдүн бир башы, сабагы*); **кисть виногра́да** бир сабак жүзүм; **3.** (*для краски, клея*) кисть (*бир нерсени боёо же майлоо үчүн кичинекей кыска жыгачтын башына бекитилген топ кыл*); **4.** *перен.* художниктин сүрөт салуу манерасы; **карти́на ки́сти Левита́на** Левитандын картинасы; **5.** (*украшение*) чачы, чачыча, чок; **зна́мя с кистя́ми** чачылуу туу.

**КИТ** *м.* кит (*деңизде жүрүүчү, сүт эмүүчү эң чоң жаныбар*).

**КИТА'ЕЦ** *м.* кытай.

**КИТА'ЙСКИЙ,** -ая, -ое Китай-*га*, **китаец**-*ге т.*; **кита́йский язы́к** кытай тили.

**КИТА'ЙЦЫ** *мн.* кытайлар.

**КИТАЯ'НКА** *женск. р. к* **кита́ец**; китаянка.

**КИ'ТЕЛЬ** *м.* китель (*өзүнчө форма менен тигилген бешмант*); **морско́й ки́тель** деңиз кители.

**КИТОБО'ЕЦ** *м.* китобоец (*кит уулай турган кеме*).

**КИТОБО'Й** *м.* (*работающий на китобойном промысле*) китобой (*кит уулай турган промыселде иштөөчү*).

**КИТОБО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое кит уулоочу (*киттерди уулоо үчүн уюштурулган, арналган*); **китобо́йный про́мысел** кит уулоочу промысел; **китобо́йное су́дно** кит уулоочу кеме.

**КИТО'ВЫЙ,** -ая, -ое **кит**-*ге т.*; **кито́вый про́мысел** кит уулоо промысели; **кито́вый жир** кит майы; **кито́вый ус** кит муруту.

**КИТОЛО'В** *м.* кит уулоочу адам.

**КИТОЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **китобо́йный.**

**КИЧИ'ТЬСЯ** *несов. кем-чем* мактануу, мурдун көтөрүү, текеберденүү, кокураюу, корсоюу, кекирейүү; **ки́читься свои́ми успе́хами** өз ийгиликтерине мактануу.

**КИЧЛИ'ВО** *нареч.* мактанып, мурдун көтөрүп.

**КИЧЛИ'ВОСТЬ** *ж.* мактанчактык, мурдун көтөрүүчүлүк, текеберденүүчүлүк, кекирейүүчүлүк, корсоюучулук.

**КИЧЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое мактанчаак, мурдун көтөрмө, текебер, кокурайган, корсойгон, кекирейген.

**КИШ** *межд.* чүш, киш (*куштарды куугганда айтылат*).

**КИШЕ'ТЬ** *несов.* **1.** (*копошиться*) быкылдап толуп жатуу, кыжылдап толуп жүрүү (*мис. курт-кумурска*); **2.** *кем-чем* быкылдоо, кыжылдап толуп жүрүү; **у́лицы киша́т наро́дом** көчө элге толгон, көчөдө эл быкылдайт.

**КИШЕ'ЧНИК** *м. анат.* ичегилер.

**КИШЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **кишка** 1-*ге т.*; **кише́чные заболева́ния** ичеги оорулары.

**КИШКА'** *ж.* **1.** *анат.* ичеги; **пряма́я кишка́** көтөн чучук; **то́лстая кишка́** жоон ичеги; **двенадцатипе́рстная кишка́** он эки эли ичеги (*ичке ичеги*); **то́нкие кишки́** ичке ичегилер; **2.** (*шланг*) түтүк (*ичинен суу жүгүртүлүүчү резина же брезент түтүк*); **пожа́рная кишка́** өрт өчүрүүдө колдонулуучу түтүк; ◇ **кишка́ тонка́** *разг.* чамасы канча.

**КИШЛА'К** *м.* кыштак.

**КИШМИ'Ш** *м.* кишмиш.

**КИШМЯ'** *нареч.*: **кишмя́ кише́ть** *разг.* быкылдоо, быжылдоо.

**КЛАВЕСИ'Н** *м. муз. уст.* клавесин (*клавишалуу эски музыка куралынын бир түрү*).

**КЛАВИАТУ'РА** *ж.* клавиатура; **клавиату́ра роя́ля** роялдын клавиатурасы; **клавиату́ра пи́шущей маши́нки** басуучу (жазуучу) машинканын клавиатурасы.

**КЛАВИКО'РДЫ** *только мн., муз. уст.* клавикорды (*клавишалуу эски музыкалык инструмент*).

**КЛА'ВИШ** *м. см.* **кла́виша.**

**КЛА'ВИША** *ж.* клавиша (*пианинонун, роялдын, телеграф аппаратынын, жазуу жана терүү машиналарынын ж. б. бармак менен басканда механизмдерин кыймылга келтирүүчү бөлүгү, топчу сыяктуу тегеректери*).

**КЛА'ВИШНЫЙ,** -ая, -ое **клавиша**-*га т.*; клавишалуу, клавиштүү; **кла́вишный инструме́нт** клавиштүү инструмент.

**КЛАД** *м.* **1.** (*спрятанные ценности*) кенч, дүнүйө (*жерге көмүлгөн же кандайдыр бир жашырын орунга катылып коюлган акча же кымбаттуу нерселер; катылып жаткан мүлк*); **найти́ клад** дүнүйө табуу; **2.** *перен.* алтын, асыл; **э́то не рабо́тник, а клад** бул кызматчы эмес эле, бир алтын.

**КЛА'ДБИЩЕ** *ср.* мазар, көрүстөн.

**КЛАДБИ'ЩЕНСКИЙ,** -ая, -ое **кладбище**-*ге т.*; **кладби́щенский сто́рож** көрүстөн күзөтчүсү.

**КЛА'ДЕНЫЙ,** -ая, -ое *разг. см.* **кастри́рованный.**

**КЛА'ДКА** *ж.* **1.** коюу, тургузуу, жасоо, салуу; **кла́дка кирпиче́й** кирпич (кыш) коюу; **кла́дка стен** үйдүн дубалдарын тургузуу; **2.** (*но́ска — о птицах*) жумуртка салуу (*куш*).

**КЛАДОВА'Я** *ж.* кладовая (*азык-түлүк, эмеректер коюлуучу үй; товар, жүк ж. б. сакталуучу үй*).

**КЛАДО'ВКА** *ж. разг. см.* **кладова́я.**

**КЛАДОВЩИ'К** *м.* кладовщик (*кладоваяны башкаруучу киши*).

**КЛАДОВЩИ'ЦА** *женск. р. к* **кладовщи́к**; кладовщица.

**КЛАДЬ** *ж.* жүк; **ручна́я кладь** колго алынып жүрүүчү жүк.

**КЛА'КА** *ж. собир.* клака (**1.** *театр. буржуазиялык өлкөлөрдө артисттин арбагын, атагын көтөрүү үчүн кол чаап туруучу жалданган адамдар;* **2.** *перен. бирөөнүн жан-жөкөрлөрү; баракелдечилер*).

**КЛАН** *м. ист.* клан (*шотландиялыктардын жана ирландиялыктардын уруу общинасы*).

**КЛА'НЯТЬСЯ** *несов.* **1.** *кому-чему, с кем* (*делать поклон*) саламдашуу (*баш ийип, жүгүнүп, баш ийкеп, баш кийимди кол менен көтөрүп же колду баш жакка көтөрүп амандашуу, ыракмат айтуу*); **2.** *кому-чему* (*посылать привет*) салам айтуу (*кат аркылуу же башка бирөө аркылуу*); **кла́няйся от меня́ своему́ отцу́** атаңа менден салам айт; **3.** *кому-чему, перед кем-чем* (*просить о чём-л.*) бирөөгө жалбаруу, жүгүнүү; **не ста́ну я ему́ кла́няться** мен ага жүгүнбөйм; ◇ **переста́ть кла́няться** тааныштыкты үзүү, саламдашпай калуу.

**КЛА'ПАН** *м.* **1.** *тех.* клапан (*кандайдыр бир механизмдин тешигин ачып, жаап туруучу капкак*); **впускно́й кла́пан** киргизүүчү клапан; **выхлопно́й кла́пан** чыгарып туруучу клапан; **предохрани́тельный кла́пан** сактагыч клапан; **возду́шный кла́пан** аба клапаны; **2.** *анат.* клапан (*кандын артка карата жүрүшүнө мүмкүндүк бербей турган жүрөктөгү капкакча*); **3.** (*нашивка*) клапан (*чөнтөктүн оозун же тешикти жаап тура турган жапкыч*); **4.** *муз.* клапан (*музыкалык духовой инструменттин ачылып-жабылып туруучу капкагы*).

**КЛАРНЕ'Т** *м. муз.* кларнет (*жыгачтан жасалган сурнай өңдүү музыкалык инструмент*).

**КЛАРНЕТИ'СТ** *м.* кларнетчи, кларнетте ойноочу киши, кларнет тартуучу киши.

**КЛАСС** I *м.* (*общественная группа*) тап; **рабо́чий класс** жумушчулар табы; **класс капитали́стов** капиталисттер табы; **эксплуата́торские кла́ссы** эксплуатациялоочу таптар.

www.bizdin.kg

**КЛАСС** II *м.* **1.** (*группа учеников*) класс; **ученик пятого класса** бешинчи класстын окуучусу; **2.** (*школьная комната*) класс; **ученики вышли из класса** окуучулар класстан чыгышты; **3.** *биол.* класс (*жалпы белгилерге ээ болгон айбандардын, өсүмдүктөрдүн, айрым нерселердин же кубулуштардын түркүмү же тобу*); **класс млекопитающих** сүт эмүүчүлөр классы; **4.** класс (*вагондордун жана каюталардын разряды*); **5.** (*разряд*) класс (*адамдардын кесип адистигине жараша бөлүнүүчү топтор*); **лётчик первого класса** биринчи класстын лётчиги.

**КЛА'ССИК** *м.* **1.** классик (*жалпыга таанылган үлгүлүү жазуучу, художник, архитектор ж. б.; эмгектеринин мааниси нечен кылымдар бою сактала турган илимдин, адабияттын, искусствонун, философиянын ж. б. эң зор ишмерлери*); **классики мировой литературы** дүйнөлүк адабияттын классиктери; **изучать классиков марксизма-ленинизма** марксизм-ленинизм классиктерин үйрөнүү; **2.** *ист.* (*сторонник классицизма*) классик (*искусстводо классицизмдин тарабындагы киши*); **3.** классик (*байыркы грек, латин тили жана адабияты боюнча специалист*).

**КЛА'ССИКА** *ж. собир.* классика (*искусстводо, адабиятта ж. б. да өтө көрүнүктүү, жалпыга таанылган үлгүлүү чыгармалар*); **русская оперная классика** орустун опералык классикасы.

**КЛАССИФИКАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **классификация**-*га т.*; классификациялык; **классификационные признаки** классификациялык белгилер.

**КЛАССИФИКА'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*действие*) классификация, классификациялоо (*айырмалоочу белгилерине карап; класстарга, түркүмдөргө, бөлүмдөргө, разряддарга бөлүү*); **2.** (*система*) классификация, классификациялоо (*класстарга, разряддарга, түркүмдөргө бөлүү системасы*); **классификация растений** өсүмдүктөрдү классификациялоо.

**КЛАССИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* классификациялоо (*айырмалоочу белгилерине карап класстарга, түркүмдөргө, разряддарга бөлүү*); **классифицировать растения** өсүмдүктөрдү классификациялоо.

**КЛАССИЦИ'ЗМ** *м.* классицизм (**1.** *байыркы грек жана латин тилдерин жана алардын адабиятын үйрөнүүгө негизделген илим берүү системасы*; **2.** *античный үлгүлөрдү тууроого негизделген дворяндык искусстводогу багыт*).

**КЛАССИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1.** классиктик (*үлгүлүү*); **классическое произведение** классиктик чыгарма; **2.** (*античный*) классик (*Байыркы Греция жана Римге таандык*); **классические языки** классик тилдер (*байыркы грек жана латин тилдери*); **3. классицизм**-*ге т.*; классикалык; **классическое образование** классикалык окуу (*окутуу, илим алуу, илим берүү*); **4.** *разг.* эң сонун, укмуштуу, көрүнүктүү; **классический пример** эң сонун үлгү.

**КЛА'ССНЫЙ,** -ая, -ое **класс** II 1, 2-*ге т.*; **классная комната** класс комнатасы (бөлмөсү); **классный руководитель** класс жетекчиси.

**КЛА'ССОВЫЙ,** -ая, -ое **класс** I-*ге т.*; таптык; **классовая борьба** тап күрөшү, таптык күрөш; **классовое общество** таптык коом.

**КЛАСТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* коюу; **класть на место** ордуна коюу; **2.** *кого* (*помещать — напр. в больницу*) жаткыруу (*мис. төшөккө, ооруканага*); **3.** *что* (*напр. в банк*) салуу (*мис. капка, банкага*); **4.** *что* (*возводить, строить*) тургузуу, жасоо, салуу (*мис. дубалды, мешти*); ◊ **класть в рот** толук түшүндүрүү, кулагына куюу; **класть яйца** жумуртка салуу (*канаттуулар менен курт-кумурскалардын ургаачылары жөнүндө*); **класть начало** баштоо; **класть основание** негиздөө, түптөө; **класть печать** печать басуу; **класть клеймо** тамга салуу; **класть все силы на работу** бардык күчүн ишке сарп кылуу.

**КЛА'УЗУЛА** *ж. юр.* клаузула (*договордогу ар бир айрым шарт*).

**КЛЁВ** *м.* тартуу, булкуу (*балыктын кайырмактагы жемди булкушу*); **сегодня был хороший клёв** бүгүн балык жакшы тартты.

**КЛЕВА'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*о птицах*) чокуу, чокулоо; **2.** (*о рыбе*) тартуу, булкуу; **рыба хорошо клюёт** балык жакшы тартат (*кайырмактагы жемди жакшы булкат*); **3.** *перен. разг.* (*идти на лад*) ыкка келгидей боло баштоо, көңүлгө баш коюу, макул болгудай түрү көрүнө баштоо; ◊ **клевать носом** *разг.* үргүлөп олтуруу.

**КЛЕВА'ТЬСЯ** *несов. разг.* чокуу, чокуп алуу.

**КЛЕ'ВЕР** *м.* беде.

**КЛЕВЕТА'** *ж.* ушак, жалаа, чагым; **возводить клевету** *на кого-л.* биревөнү ушактоо (жамандоо).

**КЛЕВЕТА'ТЬ** *несов.* ушактоо, жалаа жабуу.

**КЛЕВЕТНИ'К** *м.* жалакор, жалачыл, ушакчы.

**КЛЕВЕТНИ'ЦА** *женск. р.* к **клеветник.**

**КЛЕВЕТНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое ушак-айың кылган, ушактаган, жалаа жапкан, жамандаган; **клеветнические слухи** ушак-айың сөздөр.

**КЛЕВРЕ'Т** *м. презр.* жан жөкөр.

**КЛЕЕВА'Р** *м.* желим кайнатуучу, желим жасоочу.

**КЛЕЕВАРЕ'НИЕ** *ср.* желим кайнатуу, желим жасоо.

**КЛЕЕВА'РЕННЫЙ,** -ая, -ое **клееварение**-*ге т.*; **клееваренное производство** желим кайнатуучу өндүрүш.

**КЛЕЕВО'Й,** -ая, -ое **клей**-*ге т.*; желимдүү; **клеевая краска** желимдүү боёк.

**КЛЕЁНКА** *ж.* клеёнка; **компрессная клеёнка** компресс клеёнкасы.

**КЛЕЁНОЧНЫЙ,** -ая, -ое **клеёнка**-*га т.*

**КЛЕЁ'НЧАТЫЙ,** -ая, -ое **клеёнка**-*га т.*; **клеёнчатый портфель** клеёнкадан жасалган (тигилген) портфель.

**КЛЕ'ИТЬ** *несов.* желимдөө, жабыштыруу.

**КЛЕ'ИТЬСЯ** *несов.* желимделүү, жабышуу; ◊ **не клеится** *разг.* ийгилиги болбой жатат, мааниси чыкпай жатат.

**КЛЕЙ** *м.* желим, клей; **столярный клей** жыгаччылык желими; **резиновый клей** резина желими.

**КЛЕ'ЙКИЙ,** -ая, -ое жабышкак, жабышма; **клейкая бумага для мух** чымын өлтүрүүчү жабышкак кагаз.

**КЛЕЙКОВИ'НА** *ж.* клейковина (*эгиндин данынын составындагы белоктук зат*).

**КЛЕ'ЙКОСТЬ** *ж.* жабышкактык, жабышмалуулук.

**КЛЕЙМЕ'НИЕ** *ср.* тамгалоо, тамга салынуу, тамга уруу, белги салуу (*мис. малга, товарга*).

**КЛЕЙМЁНЫЙ,** -ая, -ое тамгаланган, тамга урулган, белги салынган; **клеймёный скот** тамга салынган мал.

**КЛЕЙМИ'ТЬ** *несов. кого-что* **1.** (*ставить клеймо*) тамга салуу, тамга басуу, тамга уруу, белги салуу (*мис. малга, товарга*); **2.** *перен.* наалат айтуу, каргоо; **клеймить позором** наалат айтып, маскара кылуу.

**КЛЕЙМО'** *ср.* **1.** тамга, белги; **2.** *перен.* уятка, кордукка, күлкүгө калтыра турган айып, так, белги; **клеймо позора** уят тагы (белгиси), күлкүгө калуунун тагы.

**КЛЕЙМО'ВЩИК** *м.* тамга салуучу, тамга уруучу.

**КЛЕ'ЙСТЕР** *м.* клейстер, бат (*крахмалдан же ундан асалган желим*).

**КЛЁКОТ** *м.* шаңшуу (*мис. бүркүт*).

**КЛЕКОТА'ТЬ** *несов.* шаңшуу (*мис. бүркүт*).

**КЛЕ'ММА** *ж. тех.* клемма (*электр проводунун учун жез пластинкага же башка өткөргүчкө жабыштырып туруучу кыскыч винт*).

**КЛЁН** *м.* клён (*далдагай жалбырактуу жыгачтын бир түрү*).

**КЛЕНО'ВЫЙ,** -ая, -ое **клён**-*го т.*; **кленовый лист** клён жалбырагы.

**КЛЕПА'ЛО** *ср. тех.* клепало (*оор балканын бир түрү*).

**КЛЕПА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* бөрктөп кадоочу; **клепальная машина** бөрктөп кадоочу машина.

**КЛЕПА'ЛЬЩИК** *м.* кадоочу (*клепание кылуучу жумушчу*).

www.bizdin.kg

**КЛЕПА'НИЕ** *ср.* бөрктөп кадоо, бөрктөп чегелөө.

**КЛЁПАНЫЙ,** -ая, -ое кадалган, бөрктөп кадалган, мык менен кадалган; **клёпаный котёл** кадалган казан.

**КЛЕПА'ТЬ** *несов. что* **1.** *тех.* бөрктөп кадоо, бөрктөп чегелөө; **2.** *на кого-что, разг.* (*клеветать*) ушактоо, жамандоо, жалаа жабуу.

**КЛЁПКА** *ж.* **1.** *см.* **клепание; 2.** бочканын (челектин) ар бир тактайы.

**КЛЕПТОМА'Н** *м. мед.* клептоман (*клептомания менен ооруган адам*).

**КЛЕПТОМА'НИЯ** *ж. мед.* клептомания (*уурулукка кызыктыра берме психикалык оору*).

**КЛЕРИКА'Л** *м.* клерикал (*клерикализмди жактоочу*).

**КЛЕРИКАЛИ'ЗМ** *м.* клерикализм (*буржуазиялык өлкөлөрдө — чиркөөнүн саясий жана маданий таасирин күчөтүүгө аракет кылган реакциялык агым*).

**КЛЕРИКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое клерикалдык (*клерикализмди жактоочу*); **клерикальные партии** клерикалдык партиялар.

**КЛЕРК** *м.* клерк (*Батыш Европа өлкөлөрүндө — конторщик, счетовод өңдүү майда кызматчы*).

**КЛЕРОВА'ТЬ** *сов. и несов. тех.* тазалоо (*кантты, майды ж. б.*).

**КЛЁСТ** *м. зоол.* клёст (*канаттуулардын бир түрү*).

**КЛЕ'ТКА** *ж.* **1.** (*для птиц, животных*) капас; **2.** (*квадрат*) клетка, чакмак (*чарчы сызык*); **3.** *биол.* клетка (*жандуу организмдин негизги единицасы; бул — чел кибик, протоплазма жана ядродон турат*); **нервная клетка** нерв клеткасы; ◇ **грудная клетка** *анат.* көкүрөк клеткасы.

**КЛЕ'ТОЧКА** *ж.* **1.** *уменьш. от* **клетка** 1 кичине капас; **2.** *уменьш. от* **клетка** 2 кичине клетка.

**КЛЕ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **клетка** 1-*ге т.*; **2.** **клетка** 3-*кө т.*; клеткалык; **клеточное ядро** клетка ядросу.

**КЛЕТУ'ШКА** *ж. разг.* кичинекей комната (*аны-муну, тамак-аш коюлуучу үй*).

**КЛЕТЧА'ТКА** *ж. биол.* клетчатка (*өсүмдүктөрдүн клеткаларын түзүүчү зат*).

**КЛЕ'ТЧАТЫЙ,** -ая, -ое чакмактуу, керегe көз формалуу; **клетчатый платок** чакмактуу жоолук.

**КЛЕТЬ** *ж.* **1.** *горн.* клеть (*шахтадагы көтөргүч машина*); **2.** кичине бөлмө (*аны-муну коюу үчүн үйдүн жанына жасалган кичине бөлмө*).

**КЛЁЦКИ** *мн.* (*ед.* **клёцка** *ж.*) клёцки (*сорпого үзүп-үзүп салып бышырылган камыр*).

**КЛЁШ** *м. и неизм. прил.* клёш (**1.** *тегерек кең этектүү көйнөк*; **2.** *багалеги кең шым*).

**КЛЕШНЯ'** *ж.* (*у рака*) рактын (суу чаяндын) кычкачы.

**КЛЕЩ** *м. зоол.* кене.

**КЛЕЩЕВИ'НА** *ж. бот.* кене күнжүт (*уругунан касторка, ич алдыргыч май жасалуучу өсүмдүк*).

**КЛЕ'ЩИ'** *только мн.* аттиш, кычкач.

**КЛИ'ВЕР** *м. мор.* кливер (*кеменин тумшугундагы кыйгач үч бурчтуу парус*).

**КЛИЕ'НТ** *м.* клиент (**1.** *дайыма келип туруучу заказчы, сатып алуучу*; **2.** *юр. өзүнүн ишин алып барууну башка бирөөгө, мис. адвокатка, нотариуска ж. б. тапшырган адам*).

**КЛИЕ'НТКА** *женск. р. к* **клиент**; клиентка.

**КЛИЕНТУ'РА** *ж. собир.* клиентура (**1.** *дайыма алуучулар жана заказчылар*; **2.** *юр. клиенттер*).

**КЛИ'ЗМА** *ж.* **1.** клизма (*арткы тешиктен ичке суюк нерсе жиберүү*); **поставить клизму** клизма коюу; **2.** (*прибор*) клизма (*ушундай кылып ичке суюк нерсе жиберүүчү прибор*).

**КЛИК** *м. поэт.* кыйкырык, кыйкырып чакыруу, үн чыгаруу; **радостный клик** кубанып-сүйүнүп үн чыгаруу.

**КЛИ'КА** *ж.* клика (*жаман ой менен бириккен адамдардын тобу*); **клика реакционеров** реакционерлердин кликасы.

**КЛИ'КАТЬ** *несов. кого-что, разг.* кыйкырып чакыруу, кыйкырып чыкыруу.

**КЛИ'КНУТЬ** *однокр. кого-что, разг.* бир жолу кыйкырып чакыруу (чыкыруу); **кликни его сюда** аны быякка чакыр; ◇ **кликнуть клич** чакырык менен кайрылуу.

**КЛИКУ'ША** **1.** *ж.* белимчи (*кыйкырып-өкүрүп, талып жыгылып калма оорусу бар аял*); **2.** *м. и ж. перен.* бакырчаак; калтырап, бакырып, чыңырып жиберүүчү адам.

**КЛИКУ'ШЕСТВО** *ср.* **1.** аялдын кыйкырып-өкүрүп, талып-жыгылып калма оорусу; **2.** *перен.* бакырчаактык.

**КЛИМАКТЕ'РИЙ** *м. мед.* климактерий (*аялдардын картайып, төрөттөн калган мезгили, бул көбүнчө 45-55 жаштан тартып башталат*).

**КЛИМАКТЕРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **климактерий**-*ге т.*; **климактерический период** аялдын тукумдук мүчөсү иштебей калган мезгили.

**КЛИ'МАТ** *м.* климат, аба ырайы (*кандайдыр бир жердин абасынын шарттары*); **жаркий климат** ысык климат; **умеренный климат** мелүүн климат; **континентальный климат** континенталдык климат.

**КЛИМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **климат**-*ка т.*; климаттык; **климатические условия** климат шарттары, аба ырайынын шарттары.

**КЛИМАТОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **климатология**-*га т.*; климатологиялык.

**КЛИМАТОЛО'ГИЯ** *ж.* климатология (*климатты, аба ырайын изилдөөчү илим*).

**КЛИН** *м.* **1.** шынаа; **вбить клин** шынаа кагуу; **2.** *с.-х.* тилке (*талаанын бир сезондо эгин айдала турган бөлүгү, тилкеси*); **3.** (*в платье*) кыйык; **вшить клин** кыйык киргизип тигүү; ◇ **борода клином** чокчо сакал; **свет не клином сошёлся** *погов.* күнүбүз ошого эле түшүп калган жок, ошол эле калыптырбы; **клин клином вышибай** *погов.* шынааны шынаа менен айдап чык; ачууну ачуу басат; **клином не вышибешь** *разг.* шынааласаң да чыкпайт, эч бир көнөр эмес; **куда ни кинь — всё клин** *погов.* кайда барсаң, мамайдын көрү.

**КЛИ'НИКА** *ж.* клиника (*медициналык факультеттер алдында ачылган дарылоо жайы*).

**КЛИНИЦИ'СТ** *м.* клиницист (*клиникада иштөөчү жана врачтык практикадан башка илимий байкоолор, изилдөөлөр жүргүзүүчү врач*).

**КЛИНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **клиника**-*га т.*; клиникалык; **клинические условия** клиникалык шарттар.

**КЛИ'НКЕР I** *м. тех.* клинкер (*суу өткөрбөс, отко чыдамдуу мыкты кирпичтин бир түрү*).

**КЛИ'НКЕР II** *м. спорт.* клинкер (*спорт кемеси*).

**КЛИ'НКЕРНЫЙ,** -ая, -ое **клинкер** I-*ге т.*; **клинкерная мостовая** клинкер төшөлгөн жол.

**КЛИНКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **клинок**-*ко т.*; **клинковая сталь** кылыч жасалуучу болот.

**КЛИНОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое шынаа сыяктуу, шынаага окшош; **клиновидная кость** *анат.* шынаага окшош сөөк.

**КЛИНО'К** *м.* кылычтын, канжардын ж. б. мизи.

**КЛИНООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое шынаа сымал; *см.* **клиновидный.**

**КЛИНОПИ'СНЫЙ,** -ая, -ое **клинопись**-*ке т.*; клинопистик; **клинописный текст** клинопистик текст.

**КЛИ'НОПИСЬ** *ж. филол.* клинопись (*шынаа формалуу тамгалардан түзүлгөн байыркы жазуулардын бир түрү; муну парсылар, ассириялыктар ж. б. колдонушкан*).

**КЛИ'ПЕР** *м. мор.* клипер (*парустуу күлүк кеме*).

**КЛИ'РИНГ** *м. эк.* клиринг (*тышкы соодада — колмо-кол акча бербестен иштелген расчёт*).

**КЛИСТИ'Р** *м.* клистир; *см.* **клизма.**

**КЛИСТИ'РНЫЙ,** -ая, -ое **клистир**-*ге т.*; **клистирная трубка** клистир түтүгү.

**КЛИЧ** *м.* кыйкыруу, кыйкырык, чакыруу, чакырык; **боевой клич** ураан.

**КЛИ'ЧКА** *ж.* кличка (**1.** *үй айбандарына коюлган ат*; **2.** *адамга коюлган жасама ат*).

www.bizdin.kg

**ҚЛИШЕ'** *ср. нескл. полигр.* клише (*басуу үчүн металлдын, жыгачтын же таштын бетине тартылган сүрөт, чийме*).

**КЛОА'КА** *ж.* клоака (**1.** *ист. Байыркы Римде булганыч жаман суулардм агызып жиберүү үчүн жасалган жер астындагы каналдар*; **2.** *перен. булганыч, сасык орун*; *мис. ыпылас короо*; **3.** *перен. бузук, адамгерчиликсиз коом, чөйрө*).

**КЛОЗЕ'Т** *м.* клозет (*дааратканa*).

**КЛОҚ** *м.* **1.** (*пучок, прядь*) чымчым, тутам, ууч (*мис. жүн, чач, саман ж. б.*); **клок се́на** бир тутам чөп; **2.** (*обрывок*) үзүндү (*мис. жыртылган кийимдин*).

**КЛО'ҚОТ** *м. см.* **клокота́ние.**

**КЛОҚОТА'НИЕ** *ср.* **1.** (*воды*) шуулдоо, буркулдап (баркылдап, чулкулдап) кайноо (*мис. суу*); **2.** (*хрип*) хырылдоо, күрүлдөө, күркүлдөө, зыркыроо, зырпылдоо (*мис. оору адамдын көкүрөгү, тамагы*).

**КЛОҚОТА'ТЬ** *несов.* **1.** (*о воде*) шуулдоо, буркулдап, (баркылдап, шакылдап) кайноо, шарылдоо (*мис. суу*); **2.** (*хрипеть*) кырылдоо, күрүлдөө, күркүлдөө, зыркыроо, зырпылдоо (*мис. оору кишинин көкүрөгү, тамагы*); **3.** *перен.* (*напр. от гнева*) күрсүлдөө, бакылдоо (*мис. ачууланган адам*).

**КЛОНИ'ТЬ** *несов.* **1.** (*нагибать, наклонять*) жапыруу, ийүү, жантаюу, эңкейүү, кыйшаюу; **ве́тер кло́нит верху́шки дере́вьев** шамал жыгачтын башын жапырат (ийет); **ло́дку кло́нит на́бок** кайык капталына жантаят; **2.** *безл. к чему, перен.* (*о дремоте*) ымтыратуу, магдыратуу (*мис. уйку*); **меня́ кло́нит ко сну** уйкум келип ымтыратып турат; **3.** *к чему, перен.* багыттоо, буруу (*мис. сөз*); **я ви́жу, к чему́ ты кло́нишь** сөздү каякка бурганыңды мен көрүп турам.

**КЛОНИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*нагибаться*) ийилүү, төмөн салынуу (*мис. баш*); **2.** *к чему, перен.* (*приближаться*) жакындоо, таянуу; **день клони́лся к ве́черу** күн кечке таянды; **3.** *к чему, перен.* (*быть устремлённым, направленным*) багытталуу (*мис. сөз*).

**КЛОП** *м.* **1.** кантала; **древе́сный клоп** жыгач канталасы; **2.** *перен. разг.* (*малыш*) торсук (*кичине бала жөнүндө*).

**КЛОПИ'НЫЙ,** -ая, -ое *разг.* **клоп** 1-*ге т.*; **клопи́ный уку́с** канталанын чакканы.

**КЛОПО'ВЫЙ,** -ая, -ое **клоп** 1-*ге т.*

**КЛО'УН** *м.* маскарапаз, куудул (*цирктин куудул артисти*).

**КЛОУНА'ДА** *ж.* маскарапаздар (куудулдар) кеңири катышкан оюн.

**КЛО'УНСКИЙ,** -ая, -ое **клоун**-*га т.*; **кло́унский колпа́к** маскарапаз калпагы; **кло́унские вы́ходки** *перен.* маскарапаздыкындай кылык.

**КЛОХТА'ТЬ** *несов. обл.* кукулуктоо, какылыктоо (*мис. күрп болгон тоок*).

**КЛОЧО'Қ** *м. уменьш. от* **клок** кичинекей бөлүк, үзүндү; кичине барак; алакандай (*жер*).

**КЛО'ЧЬЯ** *мн.*: **изорва́ть в кло́чья** быт-чытын чыгарып тытуу.

**КЛУБ** I *м.* клуб; **рабо́чий клуб** жумушчу клубу.

**КЛУБ** II *м.* (*напр. дыма*) буудак (*уюлгуган нерсе, мис. түтүн, буу*).

**КЛУ'БЕНЬ** *м.* жемиш тамыр (*мис. картөшкө, кызылча ж. б.*).

**КЛУБИ'ТЬСЯ** *несов.* буралып көтөрүлүү, түрмөктөлүп көтөрүлүү, буркулдоо (*мис. түтүн, чаң*).

**КЛУБНЕВО'Й,** -а́я, -о́е **клубень**-*ге т.*

**КЛУБНЕПЛО'ДЫ** *мн.* (*растения, образующие на подземных стеблях клубни*) жемиш тамырдуу өсүмдүктөр (*мис. картөшкө*).

**КЛУБНИ'КА** *ж.* клубника (*бүлдүркөндүн бир түрү*).

**КЛУБНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **клубника**-*га т.*; **клубни́чное варе́нье** клубника вареньеси.

**КЛУ'БНЫЙ,** -ая, -ое **клуб** I-*ге т.*; клубдук; **клу́бная рабо́та** клубдук иш.

**КЛУБО'Қ** *м.* **1.** (*смотанные нитки*) түйдөк, түрмөк; **разма́тывать клубо́к** түрмөктү жандыруу; **2.** *перен.* түйүнчөк; **ко́шка сверну́лась клубко́м** мышык түйүнчөктөй болуп жатып алды; ◇ **клубо́к противоре́чий** карама-каршылыктын чиелешкени, карама-каршылыктын чатышы.

**КЛУ'МБА** *ж.* клумба (*түрдүү фигурада тигилген гүлдөр*).

**КЛУ'ША** *ж. обл.* күрп болгон тоок.

**КЛЫҚ** *м.* азуу (*тиш*).

**КЛЫҚА'СТЫЙ,** -ая, -ое чоң азуулуу, азуу тиши чоң.

**КЛЮВ** *м.* тумшук (*канаттуулардын*).

**КЛЮҚА'** *ж.* иймек баш таяк.

**КЛЮ'ҚВА** *ж.* клюква (**1.** *түндүк жактардагы жазда эсе турган кызыл жемиштүү өсүмдүктүн бир түрү*; **2.** *ошол өсүмдүктүн жемиши*).

**КЛЮ'ҚВЕННЫЙ,** -ая, -ое **клюква**-*га т.*; **клю́квенный кисе́ль** клюква кисели.

**КЛЮ'НУТЬ** *однокр.* тартып коюу (*балык*).

**КЛЮЧ** I *м.* **1.** ачкыч, килит; **2.** (*для отвинчивания, завода и пр.*) ачкыч; **ключ для часо́в** сааттын ачкычы; **3.** *перен.* жол, ык; **найти́ ключ к реше́нию вопро́са** маселени чечүүнүн жолун табуу; **ключ к изуче́нию исто́рии** тарыхты изилдөөнүн жолу.

**КЛЮЧ** II *м. муз.* ключ (*нотанын башталышындагы белги; ал — нотанын бийиктигин билдирет*); **скрипи́чный ключ** скрипка ключу; **басо́вый ключ** бас ключу.

**КЛЮЧ** III *м.* (*родник*) кайнар, булак; ◇ **жизнь бьёт ключо́м** турмуш дүркүрөп жүрүп жатат.

**КЛЮЧЕВО'Й** I, -а́я, -о́е **ключ** I-*ге т.*; ачкычтуу, ачкычы бар; **часы́ с ключевы́м заво́дом** ачкыч менен бурама саат.

**КЛЮЧЕВО'Й** II, -а́я, -о́е **ключ** III-*ге т.*; **ключева́я вода́** булак суусу.

**КЛЮЧИ'ЦА** *ж. анат.* акырек.

**КЛЮЧИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **ключица**-*га т.*; **ключи́чная кость** акырек сөөгү.

**КЛЮ'ЧНИК** *м. уст.* ачкыч кармоочу (*эски убактарда үйдө азык-түлүктү башкаруучу киши*).

**КЛЮ'ЧНИЦА** *женск. р. к* **ключник.**

**КЛЮ'ШКА** *ж.* **1.** *спорт.* клюшка (*хоккей оюнун ойногондо топ айдай турган учу иймек таяк*); **2.** *разг. см.* **клюка́.**

**клюю́, клюёшь** *и т. д. наст. вр. от* **клева́ть.**

**КЛЯ'КСА** *ж.* сыя тамчысы, сыя төгүлгөндөн болгон так; **посади́ть кля́ксу** сыя тамызып алуу.

**КЛЯ'НЧИТЬ** *несов. что, разг.* жалынып суроо, жалбарып суроо, сурай берип жадатуу.

**КЛЯП** *м.* тыгын (*тиштебесин үчүн, айбандын оозуна же кыйкырбасын үчүн, адамдын оозуна тыгыла турган жыгач же тоголоктолгон чүпүрөк*).

**КЛЯСТЬ** *несов. кого-что* каргоо.

**КЛЯ'СТЬСЯ** *несов.* ант кылуу, ант берүү; **кля́сться в ве́рности** чын жүрөктөн берилдим деп, ант берүү.

**КЛЯ'ТВА** *ж.* ант, касам; **взять кля́тву** ант алуу; **нару́шить кля́тву** антты бузуу; **сдержа́ть кля́тву** антты аткаруу.

**КЛЯ'ТВЕННЫЙ,** -ая, -ое ант менен бекитилген, анттуу; **дать кля́твенное обеща́ние** ант кылып убада берүү.

**ҚЛЯТВОПРЕСТУПЛЕ'НИЕ** *ср.* ант бузуу.

**ҚЛЯТВОПРЕСТУ'ПНИҚ** *м.* анткор (*антты бузган адам*).

**ҚЛЯ'УЗА** *ж.* **1.** *уст.* (*судебная*) майда-чүйдө иштер жөнүндө соттошуу; **2.** (*донос*) жалаа, чагым, ушак.

**ҚЛЯ'УЗНИҚ** *м. разг.* **1.** (*крючкотвор*) соттошо берүүчү; **2.** (*клеветник*) жалакор, жалаачыл, чагымчы, ушакчы.

**ҚЛЯ'УЗНИЧАТЬ** *несов. разг.* **1.** (*сутяжничать*) майда-чүйдө иштер менен сотко бара берүү; **2.** (*клеветать*) чагым кылуу, жалаа жабуу; ушак таратуу.

**ҚЛЯ'УЗНИЧЕСТВО** *ср. разг.* **1.** (*сутяжничество*) майда-чүйдө иштер менен соттошо берүүчүлүк; **2.** (*клеветничество*) айгактык, жалакордук, жалаа жабуучулук, чагымчылык.

www.bizdin.kg

**КЛЯ'УЗНЫЙ**, -ая, -ое *разг.* 1. майда-чүйдө чатактуу; 2. жалаалуу, жаман; **кляузное дело** жалаалуу иш.

**КЛЯ'ЧА** *ж. разг.* 1. чобур, тукур (*ат*); 2. *перен.* ылдыраган, шайманы жок.

**КНИ'ГА** *ж.* 1. китеп; **засадить за книгу** окууга (китеп окууга) мажбур кылуу; **приняться за книгу** китеп окуй баштоо, китеп жаза баштоо; 2. (*для записей*) книга; **книга жалоб и предложений** даттануу жана сунуш книгасы; **кассовая книга** касса книгасы; **домовая книга** *см.* **домовый**; ◇ **тебе и книги в руки** *разг.* мынакей, сен эле бил; сен эле башкар.

**КНИГОВЕ'Д** *м.* китеп жайын билүүчү.

**КНИГОВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* китеп иштерин изилдөө.

**КНИГОИЗДА'ТЕЛЬСКИЙ**, -ая, -ое **книгоиздательство**-*го т.*; **книгоиздательское дело** китеп басып чыгаруу иши.

**КНИГОИЗДА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* 1. (*предприятие*) китеп басып чыгаруучу уюм; 2. (*занятие*) китеп басып чыгаруу.

**КНИГОНО'ША** *м. и ж.* китепти көтөрүп жүрүп сатуучу адам.

**КНИГОПЕЧА'ТАНИЕ** *ср.* китеп бастыруу (*китеп басуунун бардык процесси*).

**КНИГОПЕЧА'ТНЫЙ**, -ая, -ое **книгопечатание**-*ге т.*; **книгопечатное дело** китеп бастыруу иши.

**КНИГОТОРГО'ВЕЦ** *м.* китеп менен соода кылуучу.

**КНИГОТОРГО'ВЛЯ** *ж.* китеп сатуу, китеп соодасы.

**КНИГОТОРГУ'ЮЩИЙ**, -ая, -ее **книготорговля**-*га т.*; **книготоргующая организация** китеп сатуучу уюм.

**КНИГОХРАНИ'ЛИЩЕ** *ср.* 1. (*библиотека*) эң чоң китепкана; 2. (*помещение для хранения книг*) китепти сактоочу үй, китеп склады.

**КНИ'ЖКА** I *ж.* 1. *уменьш. от* **книга** 1 китепче, кичинекей китеп; 2. (*документ*) книжка (*официалдуу жазуулар үчүн арналган дептерче түрүндөгү официалдуу документтердин аты*); **членская книжка** мүчөлүк книжка; **положить деньги на книжку** сактык кассасына акча салуу.

**КНИ'ЖКА** II *ж. анат.* (*у жвачных животных*) тогуз кат (*кепшөөчү айбандарда*).

**КНИ'ЖНИК** *м.* 1. *разг.* (*знаток книг*) китепти жакшы көрүүчү; 2. (*работник книжной торговли*) китеп соода ишинин кызматкери.

**КНИ'ЖНО** *нареч.* китепче, китептегиче, китептегидей; **книжно говорить** китептегидей сүйлөө.

**КНИ'ЖНЫЙ**, -ая, -ое **книга**-*га т.*; **книжная полка** китеп текчеси; **книжный магазин** китеп магазини; **книжный стиль** китеп стили (*жандуу тилде эмес, китептерде гана учуроочу стиль*); ◇ **книжная палата** китеп палатасы (*СССРде борбордук библиографиялык мекеменин аты*).

**КНИ'ЗУ** *нареч.* төмөн, ылдый; **опустить голову книзу** башты төмөн салуу.

**КНО'ПКА** *ж.* 1. (*канцелярская*) кнопка (*кагазды үстөлгө, тамдын бооруна кадай турган жалпак бөрктүү мык*); 2. (*застёжка*) тырс этме (*бир-бирине ашталма темир топчу*); 3. *эл.* кнопка (*электр коңгуроосунун топчусу*); **кнопка звонка** коңгуроо кнопкасы.

**КНУТ** *м.* камчы; **подгонять лошадь кнутом** атты камчы менен айдоо.

**КНУТОВИ'ЩЕ** *ср.* камчы сап.

**КНЯГИ'НЯ** *женск. р. к* **князь**; княгиня (*кяздын аялы же князь аял*).

**КНЯ'ЖЕСКИЙ**, -ая, -ое **князь**-*га т.*; **княжеский род** князь тукуму.

**КНЯ'ЖЕСТВО** *ср. ист.* княжество (*князь тарабынан башкарылуучу область*).

**КНЯ'ЖИТЬ** *несов. ист.* князь катарында башкаруу (*өлкөнү, областты*).

**КНЯЖНА'** *ж. ист.* княжна (*княздын кызы*).

**КНЯЗЬ** *м. ист.* 1. князь (*Байыркы Руста—аскерди башкаруучу жана кандайдыр бир областка ээлик кылуучу бояр*); **киевские князья** киевдик князьдар; **великий князь** 1) улуу князь; 2) революцияга чейинки Россияда — падышанын уулуна, тууганына же небересине бериле турган титул; 2. (*титул*) князь (*бөтөнчө эмгек сиңиргендиги үчүн берилип, укумдан тукумга мурас болуп калуучу титул*).

**КО** *предлог см.* **к**.

**КОАЛИЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое коалициялык (*коалиция негизинде түзүлгөн*); **коалиционное правительство** коалициялык өкмөт.

**КОАЛИ'ЦИЯ** *ж. полит.* коалиция (*жалпы максатка жетүү үчүн түзүлгөн мамлекеттердин, партиялардын ж. б. союзу, бирикмеси*).

**КО'БАЛЬТ** *м. хим.* кобальт (*химиялык элемент; бир аз кызгылты бар күмүш түстөгү металл, темирден катуураак*).

**КО'БАЛЬТОВЫЙ**, -ая, -ое **кобальт**-*ка т.*; **кобальтовая краска** кобальт боёгу.

**КОБЕ'ЛЬ** *м.* дөбөт.

**КО'БЗА'** *ж. муз.* кобза, комуз (*Украинада — байыркы музыкалык инструмент*).

**КОБЗА'РЬ** *м.* кобзарь (*кобза чертип ырдоочу украиналык элдик акын*).

**КО'БРА** *ж.* кобра (*уулуу жылан*).

**КОБУРА'** *ж.* кобура (1. *тапанчанын кабы*; 2. *кавалерия ээрине бекитилген булгаары баштык*).

**КО'БЧИК** *м.* (*птица*) жагалмай.

**КОБЫ'ЛА** *ж.* бээ.

**КОБЫ'ЛИЙ**, -ья, -ье **кобыла**-*га т.*; **кобылье молоко** бээнин сүтү.

**КОБЫЛИ'ЦА** *ж. см.* **кобыла**.

**КОБЫ'ЛКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **кобыла** байтал бээ; 2. *муз.* тээк, тепке (*мис. комуздун*); 3. *зоол.* кобылка (*чегиртке тукумуна житүүчү кээ бир курт-кумурскалардын аты*).

**КО'ВАНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*изготовленный ковкой*) балка менен согулуп жасалган (*мис. кылыч ж. б.*); 2. (*обшитый железом*) тунуке, сым менен капталган; **кованый сундук** калай менен капталган сандык.

**КОВА'РНЫЙ**, -ая, -ое жаман ойлуу, арамза, айлакер, эки жүздүү; **коварный человек** арамза киши.

**КОВА'РСТВО** *ср.* жаман ойлуулук, арамзалык, айлакердик, эки жүздүүлүк.

**КОВА'ТЬ** *несов.* 1. *что* (*напр. железо*) согуу (*мис. балка менен темирди*); 2. *кого-что* (*подковывать*) така уруу, такалоо (*мис. атты*); ◇ **ковать своё счастье** талыкпас эмгек кылып бакытка жетүү; **куй железо, пока горячо** *посл.* темирди кызуусунда сок.

**КОВБО'Й** *м.* ковбой (*Түндүк Америкада малды атчан кайтаруучу адам — койчу, уйчу ж. б.*).

**КОВБО'ЙКА** *ж.* ковбойка (1. *далдагай калпак*; 2. *чакмактуу кездемеден тигилген көйнөк*).

**КОВБО'ЙСКИЙ**, -ая, -ое **ковбой**-*го т.*

**КОВЁР** *м.* килем.

**КОВЕ'РКАНЬЕ** *ср.* бузуу, сындыруу, майрыйтуу.

**КОВЕ'РКАТЬ** *несов.* 1. *что* (*портить*) бузуу, майрыйтуу, сындыруу (*мис. машинаны*); 2. *кого, перен.* бузуу; **он коверкает ребёнка плохим воспитанием** ал жаман тарбиялап баланы бузат; 3. *что* (*искажать*) бузуп сүйлөө, бузуп айтуу, так айта албоо (*сөздү*), бузуп жазуу.

**КОВЕРКО'Т** *м.* коверкот (*жүндөн токулган кездеменин бир түрү*).

**КОВЕРКО'ТОВЫЙ**, -ая, -ое **коверкот**-*ко т.*; **коверкотовый костюм** коверкот костюм.

**КО'ВКА** *ж.* 1. (*напр. железа*) согуу (*мис. балка менен темирди*); 2. (*подковывание*) такалоо, така уруу; **ковка лошади** ат такалоо.

**КО'ВКИЙ**, -ая, -ое балка менен согууга элпек; **ковкие металлы** согууга элпек металлдар.

**КО'ВКОСТЬ** *ж.* балка менен согууга элпектик; **железо обладает большой ковкостью** темир балка менен согууга элпек.

www.bizdin.kg

**КО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **ковка**-*га т.*; **ковочный молот** барскан.

**КОВРИ'ГА** *ж. обл. см.* **каравай.**

**КОВРИ'ЖКА** *ж.* коврижка (*пряниктин бир түрү*); ◇ **ни за какие коврижки** *разг.* такыр, түк, майласаң да (*мис. такыр барбаймын, майласаң да бербеймин ж. б.*).

**КО'ВРИК** *м. уменьш. от* **ковёр** килемче, кичинекей килем.

**КОВРО'ВЩИЦА** *ж.* килем согуучу аял, килем токуучу аял.

**КОВРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **1. ковёр**-*ге т.*; **ковровое производство** килем токуу өндүрүшү; **2.** килемге окшош; **ковровая ткань** килемге окшош токума.

**КОВРОТКА'ЦКИЙ,** -ая, -ое: **ковроткацкая фабрика** килем токуу фабрикасы.

**КОВРОТКА'ЧЕСТВО** *ср.* килем токуу иши, килем токуучулук.

**КОВЧЕ'Г** *м. миф.* Нух пайгамбардын кемеси.

**КОВШ** *м.* 1. (*черпак*) чөмүч, сузгу; 2. (*совок*) калак; 3. (*мельничный*) кампа (*тегирмендин кампасы*); 4. *тех.* ковш (*түрдүү өндүрүштөрдө жумшалуучу сузгу формалуу чоң идиш*).

**КО'ВШИК** *м. уменьш. от* **ковш** 1 кичине чөмүч, кичине сузгу.

**КОВЫ'ЛЬ** *м.* бетеге, тулаң, көдөө.

**КОВЫ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **ковыль**-*ге т.*; бетегелүү, тулаңдуу, көдөөлүү; **ковыльные пастбища** бетегелүү жайлоолор.

**КОВЫЛЯ'ТЬ** *несов.* аксаңдап же сүйрөлүп, очорулуп жүрүү.

**КОВЫРНУ'ТЬ** *однокр. что, в чём* чукуп алуу, чукуп коюу (*бир мертебе*).

**КОВЫРЯ'ТЬ** *несов. что, в чём* чукулоо (*мис. канды, тишти ж. б.*).

**КОВЫРЯ'ТЬСЯ** *несов. разг.* чукуу, чукулоо, казуу; **ковыряться в песке** кумду чукулоо.

**КОГДА'** 1. *нареч. вопр. и относ.* качан, кайсы убакытта, кайсы мезгилде, кайсы маалда; **когда ты придёшь?** сен качан келесиң?; **я не знаю, когда он придёт** анын качан келерин мен биле албадым; **в день, когда пришла весть о победе** жеңиш тууралу кабар келген күнү; 2. *нареч. неопр. разг.* (*иногда*) кээде, кээ бир убакытта, бирде, кээ бир мезгилде; **когда можно, когда нельзя** кээде мүмкүн, кээде мүмкүн эмес; **я занимаюсь в библиотеке когда утром, когда вечером** мен библиотекада бирде эртең менен, бирде кечинде окуймун; 3. *союз временной* =дан кийин, =га чейин, =че; **я лягу спать, когда кончу работу** мен ишимди бүткөндөн кийин жатамын; **я жду, когда он придёт** мен ал келгенче күтөмүн, мен ал келгенге чейин күтөмүн; 4. *союз условный* качан болсо да, эгерде; **пусть придёт, когда захочет** каалаган мезгилинде келе берсин; качан болсо да келе берсин; ◇ **есть когда болтать** *разг.* эрмектешүүгө чоло жок; **когда бы то ни было** качан да болсо.

**КОГДА'-ЛИБО** *нареч.* качан болсо да, качан да болсо, бир убакытта.

**КОГДА'-НИБУДЬ** *нареч.* бир убакытта, качан болсо да, бир кезде, качан болсо, =ганы барбы; **ты когда-нибудь был в Москве?** сен Москвада болгонуң барбы?; **видел ли ты его когда-нибудь?** сен аны көргөнүң барбы?; **когда-нибудь мы поедем** бир кезде биз барабыз.

**КОГДА'-ТО** *нареч.* 1. (*в прошлом*) алда качан, өткөн бир убакытта, качан бир убакытта; 2. (*в будущем*) качандыр, эми качан; **когда-то она соберётся** ал эми алда качандан кийин даяр болот.

**КОГО'** *мест. вопр. и относ. род. и вин. п. от* **кто** кимдин, кимди, кимде, кимден; **кого ты видел?** сен кимди көрдүң?; **у кого моя книга?** менин китебим кимде?; **от кого ты это слышал?** муну кимден уктуң?; **на кого он подал жалобу?** ал кимдин үстүнөн арыз берди?

**КОГО'РТА** *ж.* 1. *ист.* когорта (*Байыркы Рим жөө аскеринин отряды*); 2. *перен.* кишилердин мыкты бириккен, баш кошкон тобу.

**КОГОТО'К** *м. уменьш. от* **коготь** тырмакча, кичинекей тырмак.

**КО'ГОТЬ** *м.* тырмак (*айбандардын, канаттуулардын*); ◇ **показать свои когти** арам оюн билгизип коюу; **попасть в когти** *кому-л.* ырайымсыз *бирөөнүн* кол алдында болуп калуу.

**КОГТИ'СТЫЙ,** -ая, -ое курч тырмактуу.

**КОД** *м.* код (*шарттуу белгилер системасы*); **телеграфный код** телеграф коду.

**КО'ДЕКС** *м. юр.* (*свод законов*) кодекс (*коомдук турмуштун кандайдыр бир жагын жайгаштыруучу закондордун жыйнагы*); **кодекс законов о труде** эмгек жөнүндөгү закондордун кодекси; **гражданский кодекс** граждандык кодекс; **уголовный кодекс** кылмыш кодекси.

**КОДИФИКА'ЦИЯ** *ж. юр.* кодификация, кодификациялоо (*кандайдыр бир убакыттын ичинде басылып чыккан, колдонулуп турган законду бир системага келтирүү; өлкөнүн закондорун укуктун айрым тармактары боюнча системага келтирүү жана бириктирүү*).

**КОДИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, юр.* кодификациялоо (*өлкөдөгү колдонулуп жүргөн закондорду системага келтирип, кодекске жыйноо*).

**КО'Е** *мест. ср. см.* **кой.**

**КО'Е-ГДЕ'** *нареч.* кээ бир жерде, анда-санда бир жерде, анда-санда бир орунда.

**КО'Е-КА'К** *нареч.* 1. (*плохо*) эптеп-септеп; **недопустимо работать кое-как** эптеп-септеп иштөө жарабайт; 2. (*еле-еле*) өлгөн талганда, араңдан-зорго; **кое-как мы добрались домой** араңдан-зорго үйгө жеттик.

**КО'Е-КАКО'Й,** -ая, -ое *мест. неопр.* 1. (*некоторый*) кээ бир, кандайдыр бир; 2. *разг.* (*немногочисленный*) анча-мынча; 3. (*скудный, плохой*) бирин-серин, эрбейген (*мис. чөп*).

**КО'Е-КТО'** *мест. неопр.* кээ бир киши, кээ бир адам, кээ бирөөлөр.

**КО'Е-КУДА'** *нареч.* кээ бир жерге; **мне надо зайти кое-куда** мен кээ бир жерге кирип чыгышым керек.

**КО'ЕЧНЫЙ,** -ая, -ое: **коечный больной** койкада жаткан оору.

**КО'Е-ЧТО'** *мест. неопр.* эмнедир бир нерсе, майда-чүйдө, анча-мынча, аны-муну; **мне нужно вам кое-что сказать** менин сизге айта турган анча-мынча сөзүм бар.

**КО'ЖА** *ж.* 1. (*покров тела*) тери; 2. (*выделанная шкура*) булгаары; 3. (*кожура*) кабык (*мис. алманын, жүзүмдүн ж. б.*); ◇ **кожа да кости** *разг.* абдан арык болуп, териси менен эле сөөгү калган; **лезть из кожи вон** *разг.* жан талашып аракет кылуу, жан аябай тырышуу, күчүнүн бардыгынча аракет кылуу.

**КО'ЖАНКА** *ж. разг.* булгаары бешмант (пальто).

**КО'ЖАНЫЙ,** -ая, -ое **кожа** 2-*ге т.*; **кожаные сапоги** булгаары өтүк.

**КОЖЕ'ВЕННЫЙ,** -ая, -ое **кожа** 2-*ге т.*; **кожевенный завод** булгаары завод; **кожевенные товары** булгаары товарлар.

**КОЖЕ'ВНИК** *м.* көнчү, булгаарычы.

**КОЖИМИ'Т** *м.* кожимит (*жасалма булгаары*).

**КО'ЖИСТЫЙ,** -ая, -ое тери сыяктуу, тери сымал; **кожистая оболочка** тери сыяктуу кабык.

**КО'ЖИЦА** *ж.* 1. жука тери, териче; 2. (*у плодов*) жука кабык (*мис. алманын*).

**КО'ЖНИК** *м. разг.* тери оорусун кароочу врач.

**КО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **кожа** 1-*ге т.*; **кожные болезни** тери оорулары.

**КОЖСЫРЬЁ** *ср.* иштетилбеген чылгый тери.

**КОЖУРА'** *ж.* кабык (*жемиштин калың кабыгы*).

www.bizdin.kg

**КОЖУ'Х** *м.* 1. (*шуба*) тон; 2. *тех.* кожух (*ар түрдүү механизмди сынуудан, майышуудан сактоо үчүн металл же жыгачтан жасалган каптооч*).

**КОЗА'** *ж.* эчки; ◇ **драть, как сидорову козу** *разг.* тегирменге кирген иттей жанчуу, көк ала койдой союу.

**КОЗЁЛ** *м.* теке; ◇ **козёл отпущения** *разг.* жок жерден садага боло берүүчү (*бирөөлөрдүн кылмышы, күнөөсү дайыма мойнуна жүктөлө турган киши*); **пустить козла в огород** *разг.* карышкырга кой кайтартуу; **как от козла молока** *разг.* текеден сүт үмүт кылгандай.

**КОЗЕРО'Г** *м. зоол.* тоо эчки; ◇ **тропик Козерога** *см.* **тропик; созвездие Козерога** *астр.* Козерог топ жылдызы.

**КО'ЗИЙ**, -ья, -ье **коза**-*га т.*; **козья шкура** эчки тери; **козий пух** эчкинин тыбыты.

**КОЗЛЁНОК** *м.* (*мн.* **козлята**) улак, чебич.

**КО'ЗЛИК** *м. уменьш.-ласк. от* **козёл** текечер.

**КОЗЛИ'НЫЙ**, -ая, -ое: **козлиная борода** теке сакал, чокчо сакал.

**КОЗЛО'ВЫЙ**, -ая, -ое эчки терисинен жасалган; **козловые сапоги** эчки терисинен жасалган булгаарыдан тигилген өтүк.

**КО'ЗЛЫ** *только мн.* 1. экипаждын алды жагында ат айдоочу киши отура турган орун; 2. козлы (*төрт аяк кедалган кыска жоон жыгач; бул — үстүнө жыгач коюп аралоо үчүн пайдаланылат*); ◇ **поставить ружья в козлы** мылтыктарды штыктары менен бир-бирине сүйөп чогуу тургузуп коюу.

**КОЗЛЯ'ТИНА** *ж.* эчки эти.

**КО'ЗНИ** *только мн.* бирөөгө багышталган жашырын, арамза, жаман ой, амал-айла, сасык амал.

**КОЗОДО'Й** *м. зоол.* чегирткечи (*курт-кумурска жегич куштун бир түрү*).

**КОЗУ'ЛЯ** *ж. см.* **косуля.**

**КОЗЫРЁК** *м.* козырёк (*шапканын маңдайкы калканчы*).

**КОЗЫРНО'Й**, -ая, -ое **козырь** 1-*ге т.*; **козырной туз** көзүрдүн тузу.

**КОЗЫРНУ'ТЬ** *однокр.* 1. *чем, карт.* көзүрдү жүрүү (*бир мертебе*); 2. *чем, перен. разг.* кокурандап коюу, көтөрүлүп коюу; 3. *воен. разг.* оң колун көтөрүп честь берүү.

**КОЗЫ'РНЫЙ**, -ая, -ое *см.* **козырной.**

**КО'ЗЫРЬ** *м.* 1. *карт.* көзүр (*карта ойнунда*); 2. *перен.* күрөштө (талаш-тартышта) күч кубат бере турган артыкчылык; ◇ **ходить козырем** *разг.* телегейи тегиз болуп жүрүү, какыйып жүрүү.

**КОЗЫРЯ'ТЬ** *несов.* 1. *чем, карт.* көзүрдү жүрүү (*карта ойнунда*); 2. *чем, перен. разг.* (*хвастаться*) мактануу (*бир нерсени өзүнүн артыкчылыгы катарында көрсөтүп*); 3. *кому, воен. разг.* аскерлерче колун көтөрүп честь берүү.

**КОЗЯ'ВКА** *ж. разг.* курт-кумурска, кибир жандык.

**КОЙ** *мест. уст.* кандай, кайсы, канча, канчанчы, канчада; **а кой тебе годик?** сенин жашың канчада?; **в кои веки** деги акыры, бир далай убакыттан кийин, эң эле сейрек (*мис. учурайт*).

**КО'Й-ГДЕ'** *нареч. см.* **кое-где.**

**КО'ЙКА** *ж.* койка (1. *кемелердеги асма төшөк;* 2. *ооруканадагы, жатакканадагы керебет*).

**КО'Й-КА'К** *нареч. см.* **кое-как.**

**КО'Й-КАКО'Й** *мест. см.* **кое-какой.**

**КО'Й-КТО'** *мест. см.* **кое-кто.**

**КО'Й-КУДА'** *нареч. см.* **кое-куда.**

**КО'Й-ЧТО'** *мест. см.* **кое-что.**

**КОК** *м. мор.* кок (*кемедеги повар*).

**КОКАИ'Н** *м.* кокаин (*ооруну басылтуучу дарынын бир түрү*).

**КОКАИНИ'ЗМ** *м. мед.* кокаинди көп колдонууга берилип кетүүчүлүк (*баңгиликтин бир түрү*).

**КОКАИНИ'СТ** *м.* кокаинди көп колдонуучу адам (*баңгинин бир түрү*).

**КОКАИ'НОВЫЙ**, -ая, -ое **кокаин**-*ге т.*

**КОКА'РДА** *ж. уст.* кокарда (*фуражканын чекесине тагылуучу калай значок*).

**КО'КАТЬ** *несов. см.* **кокнуть.**

**КОКЕ'ТКА** *ж.* кокетка (1. *ойсоке; түрдүүчө кубулуп, кулпуруп, жароокерленип эркекке жагууга тырышкан аял;* 2. *аялдын көйнөгүндө бүрмөнүн же бүгүштүн үстүндөгү бастырыгы*).

**КОКЕ'ТЛИВО** *нареч.* ойсондоп.

**КОКЕ'ТЛИВОСТЬ** *ж.* ойсондогондук, ойсокелик, кубулжугандык.

**КОКЕ'ТЛИВЫЙ**, -ая, -ое ойсондогон, кубулжуган, кубулуп кулпуруучу, жароокерденүүчү, жагынуучу.

**КОКЕ'ТНИЧАТЬ** *несов.* жылтыңдоо, ойсондоо (*бирөөгө жагынууга тырышып, жароокерденүү*).

**КОКЕ'ТСТВО** *ср.* түрдүүчө кубулуп-кулпуруп, жароокерденип бирөөгө жакшы көрүнүүгө тырышуучулук (*көбүнчө аялдар жөнүндө*).

**КОКК** *м.* кокк (*тоголок бактерия*).

**КОКЛЮ'Ш** *м. мед.* көк жөтөл.

**КОКЛЮ'ШКА** *ж.* кружево (тор) соккуч шиш.

**КО'КНУТЬ** *однокр. прост.* 1. *кого* уруп жиберүү, коюп жиберүү (*ударить*); өлтүрө коюу (*убить*); 2. *что* (*разбить*) сындыруу (*мис. стаканды*).

**КО'КОН** *м.* пилла; **шелковичный кокон** жибек пилласы.

**КОКОНОЗАГОТО'ВКИ** *только мн.* пилла даярдоо.

**КОКОНОСУШИ'ЛКА** *ж.* пилла кургаткыч.

**КОКО'С** *м.* кокос (*кокос пальмасынын жемиши*).

**КОКО'СОВЫЙ**, -ая, -ое **кокос**-*ко т.*; **кокосовая пальма** кокос пальмасы (*жемиштүү жыгачтын бир түрү*); **кокосовый орех** кокос жаңгагы; **кокосовое масло** кокос майы.

**КОКО'ТКА** *ж.* кокотка (*буржуазиялык өлкөлөрдө — денесин сатуучу аял*).

**КОКО'ШНИК** *м. уст.* кокошник (*түндүктөгү орус дыйкандарынын аялдарынын байыркы баш кийими*).

**КОКС** *м.* кокс (*абдан күйдүрүлгөн таш көмүр же чым көң; отун катарында колдонулат*).

**КОК-САГЫ'З** *м.* көк-сагыз (*каакымдын түркүмүнө жатуучу каучугу бар чөп өсүмдүгүнүн бир түрү*).

**КОКСОВА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кокстоочу; **коксовальная печь** кокстоочу меш (*таш көмүрдү кокска айландыруучу меш*).

**КОКСОВА'НИЕ** *ср.* кокстоо.

**КОКСОВА'ТЬ** *несов. что* кокстоо (*таш көмүрдү кокска айландыруу*).

**КО'КСОВЫЙ**, -ая, -ое **кокс**-*ко т.*; кокстоочу; **коксовый газ** кокстоочу газ.

**КОКСУ'ЮЩИЙСЯ**, -аяся, -ееся: **коксующийся уголь** кокстануучу таш көмүр.

**КОКТЕ'ЙЛЬ** *м.* коктейль (*жыттуу таттуу ичкиликтин, шараптын бир түрү*).

**КОЛ** *м.* казык; ◇ **хоть кол на голове теши** *разг.* өз дегенин кылган; какшаса да, сөз кулагына кирбейт.

**КО'ЛБА** *ж.* колба (*узун моюндуу, тоголок же үч кырдуу айнек идиш; химия лабораторияларында колдонулат*).

**КОЛБАСА'** *ж.* колбаса, чучук; **варёная колбаса** бышырылган колбаса; **копчёная колбаса** ышталган колбаса.

**КОЛБА'СНЫЙ**, -ая, -ое **колбаса**-*га т.*; **колбасный завод** колбаса заводу.

**КОЛДОВА'ТЬ** *несов.* сыйкырдоо, көз байлоо.

**КОЛДОВСТВО'** *ср.* сыйкырчылык, көз байлоочулук.

**КОЛДО'ГОВОР** *м.* (**коллективный договор**) коллективдик договор.

**КОЛДУ'Н** *м.* сыйкырчы, көз байлоочу.

**КОЛДУ'НЬЯ** *женск. р. к* **колдун.**

**КОЛЕБА'НИЕ** *ср.* 1. (*колебательное движение*) чайпалуу, чайкалуу, дирилдөө, кыймылдоо, теңселүү, термелүү; 2.

www.bizdin.kg

*перен.* (*сомнение*) арсар болуу, олку-солку болуу, дең-дароо болуу; **он согласился после долгих колебаний** көпкө чейин арсар болуп туруп, араң макул болду; 3. *перен.* (*неустойчивость*) туруксуздук, тез-тез өзгөрүү, өөдө-ылдый боло берүү; **колебание цен** баанын өөдө-ылдый боло бериши.

**КОЛЕБА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое чайпалтуучу, чайкалтуучу, теңселтүүчү, термелтүүчү; **колебательное движение** чайкалтуучу кыймыл.

**КОЛЕБА'ТЬ** *несов. что* 1. (*колыхать*) чайпалтуу, чайкалтуу, дирилдетүү, кыймылдатуу, теңселтүү, термелтүү; **ветер колебал верхушки деревьев** жел жыгачтын башын теңселтти; 2. *перен.* (*расшатывать основу*) бузуу, бошоңдотуу (*кандайдыр бир тартиптин, түзүлүштүн негизин*); 3. *перен.* (*возбуждать сомнение, неуверенность*) шек туудуруу; **колебать авторитет** авторитетке (беделге) шек туудуруу.

**КОЛЕБА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*раскачиваться*) чайпалуу, чайкалуу, дирилдөө, кыймылдоо, теңселүү, термелүү; **маятник часов колеблется** сааттын маятниги термелип (чайкалып) турат; 2. *перен.* (*испытывать нерешительность*) арсар болуу, олку-солку болуу, дең-дароо болуу; **он колеблется** ал арсар болуп турат; 3. *перен.* (*быть неустойчивым*) туруксуз болуп туруу, тез-тез өзгөрүлүү, өөдө-ылдый боло берүү.

**КОЛЕ'НКА** *ж. разг. см.* **колено** 1.

**КОЛЕНКО'Р** *м.* коленкор, келенкор (*кездеменин бир түрү*).

**КОЛЕНКО'РОВЫЙ,** -ая, -ое **коленкор**-*го т.*; **коленкоровый переплёт книги** китептин коленкор мукабасы.

**КОЛЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое **колено** 1-*ге т.*; **коленная чашка** *анат.* тизе томугу.

**КОЛЕ'НО** *ср.* 1. (*мн.* **колени**) тизе; **стоять на коленях** тизелеп туруу; 2. (*мн.* **коленья**) муун (*бир нерсенин звеносу, бөлүгү, муун-муун болуп турушу*); **коленья кукурузы** жүгөрүнүн муундары; 3. (*мн.* **колена**) (*изгиб*) бурулуш, булуң; 4. (*мн.* **колена**) *уст.* (*поколение*) жураат, ата; **до седьмого колена** жети атасына чейин; ◇ **ему море по колено** *разг.* деңиз анын тизесинен, көл-дайра тизесинен; ал миң жылкы айдап калыптыр (*мис. мас болгон киши*); **поставить на колени** 1) тизелеп тургузуу; 2) *перен. бирөөнү* өзүнө жүгүнтүү, багынтуу, баш ийгизүү; жүгүнүүгө, багынууга, баш ийүүгө мажбур кылуу.

**КОЛЕНОПРЕКЛОНЕ'НИЕ** *ср.* тизелеп туруу.

**КОНСЕРВИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **консервúровать;** 2. *прил.* консерваланган; **консервúрованные фру́кты** консерваланган жемиштер.

**КОНСЕРВИ'РОВАТЬ** *несов. что* консервалоо, консерва жасоо, консерва кылуу; **консервúровать óвощи** жашылчаларды консерва кылуу.

**КОНСЕ'РВНЫЙ,** -ая, -ое **консервы**-*га т.*; **консéрвная промы́шленность** консерва өнөр жайы; **консéрвная бáнка** консерва банкасы.

**КОНСЕ'РВЫ** *только мн.* консерва (1. *бузулбай, чирибей турган кылып абдан мыкты жабылган же оозу биротоло чапталган идишке салынып коюлган тамак*; 2. *ачык

www.bizdin.kg

*жарыктан, чаңдан, шамалдан көздү сактай турган бөтөнчө көз айнек*).

**КОНСИ'ЛИУМ** *м. мед.* консилиум (*катуу ооруну аныктоо жана дарылоо жолдорун белгилөө үчүн врачтардын кеңешмеси*).

**КОНСИСТЕ'НЦИЯ** *ж. физ.* консистенция (*эритмелерде жана чала суюк нерселерде заттын тыгыздыгы, коюулугу*).

**КО'НСКИЙ,** -ая, -ое **конь** 1-*ге т.*; **ко́нские состяза́ния** ат чабыш; **ко́нский во́лос** жылкынын кылы; **ко́нский заво́д** жылкы заводу, жылкы зооту (*асыл тукум жылкыларды өстүрүүчү завод*); **ко́нское мя́со** жылкы эти.

**КОНСОЛИДА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*упрочение, укрепление*) консолидация, консолидациялоо (*чыңоо, бекитүү, топтоп чыңдоо, мыктылап чогултуу*); **консолида́ция всех революцио́нных сил** революциялык күчтөрдүн бардыгын консолидациялоо; 2. *эк.* консолидация, консолидациялоо (*мамлекеттик кыска сроктуу карыздарды узак сроктуу карыздарга айландыруу*).

**КОНСОЛИДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* 1. консолидациялоо (*чыңоо, бекитүү, топтоп чыңдоо, мыктылап чогултуу*); 2. *эк.* консолидациялоо (*кыска сроктуу милдеттенмелерди узак сроктуу милдеттенмелерге айландыруу*); **консолиди́ровать за́ймы** заёмдорду консолидациялоо.

**КОНСО'ЛЬ** *м. архит.* консоль (*үйдүн стенасында уркуюп чыгып турган жери, ага балкон орнотулат*).

**КОНСОНА'НС** *м. муз.* консонанс (*бир нече тыбыштын, мис. комуздун ж. б. үнүнүн, аккорддо айкалышы*).

**КОНСО'РЦИУМ** *м. эк.* консорциум (*капиталисттик өлкөлөрдө — белгилүү бир финансылык операцияны иш жүзүнө ашыруу үчүн бир нече банкылардын же ири банкирлердин монополисттик бирикмеси*); **консо́рциум ба́нков** банкылардын консорциуму.

**КОНСПЕ'КТ** *м.* конспект (*кандайдыр бир чыгарманы, лекцияны, сүйлөнгөн сөздү ж. б. кыскача жазуу*); **конспе́кт ле́кции** лекциянын конспектиси.

**КОНСПЕКТИ'ВНОСТЬ** *ж.* конспект түрүндө болгондук, кыскача негизги идеясы (мааниси) жазылгандык.

**КОНСПЕКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое конспект түрүндө, кыскача жазылган (түзүлгөн).

**КОНСПЕКТИ'РОВАНИЕ** *ср.* конспект түзүү, конспектилөө, кыскача жазуу.

**КОНСПЕКТИ'РОВАТЬ** *несов. что* конспект түзүү, конспект жазуу, конспекттөө, кыскача жазуу; **конспекти́ровать кни́гу** китепти конспектилөө.

**КОНСПИРАТИ'ВНОСТЬ** *ж.* конспиративдүүлүк (*жашырындык, официалдуу өкмөттөн жашырындык*).

**КОНСПИРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое конспиративдүү (*жашырын, официалдуу өкмөттөн жашырын*).

**КОНСПИРА'ТОР** *м.* конспиратор (*конспирациянын катышуучусу*).

**КОНСПИРА'ЦИЯ** *ж.* 1. конспирация (*өзүнүн жашырын иштерин жана жашырын уюмдардын мүчөлөрүн жашырып-жабуу үчүн жашырын уюмдун колдонуучу системасы жана методдору*); 2. *перен.* конспирация, сырды жашыруу.

**КОНСПИРИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* конспирациялоо, конспирация кылуу.

**КОНСТА'НТА** *ж. мат.* константа (*бир нерсенин туруктуу белгиси*).

**КОНСТА'НТНЫЙ,** -ая, -ое константтык (*туруктуу бир калыпта жүргөн*).

**КОНСТАТА'ЦИЯ** *ж.* констатация, констатациялоо (*бир нерсенин бар экендигин, болгондугун, шексиздигин белгилөө, бекитүү*); **констата́ция фа́ктов** фактыларды констатациялоо.

**КОНСТАТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* констатациялоо; **констати́ровать улучше́ние положе́ния больно́го** оорунун абалы оңолуп келе жаткандыгын констатациялоо.

**КОНСТИТУИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* белгилөө, аныктоо (*бир нерсенин мазмунун, составын*).

**КОНСТИТУЦИОНАЛИ'ЗМ** *м. полит.* конституционализм (*саясаттагы жана мамлекеттик укук илиминдеги буржуазиялык реакциялык агым; бул—башкаруунун эң мыкты системасы «конституциялык монархия» деп эсептейт*).

**КОНСТИТУЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **конституция**-*га т.*; конституциялык; **конституцио́нная мона́рхия** конституциялык монархия.

**КОНСТИТУ'ЦИЯ** I *ж. полит.* конституция (*мамлекеттин коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн белгилеп турган негизги закону, негизги башталмалары*).

**КОНСТИТУ'ЦИЯ** II *ж. анат.* конституция (*адамдын же айбандын организминин түзүлүшү жана структурасы*); **конститу́ция органи́зма** организмдин конституциясы.

**КОНСТРУИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* конструкциялоо (1. *эсептеп, чертёжун сызып, механизмдердин, машиналардын, курулуштардын ж. б. конструкциясын берүү*; 2. *белгилүү составда түзүү*).

**КОНСТРУКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. **конструкция**-*га т.*; конструктивдик; 2. *перен.* (*деловой*) иштиктүү; **конструкти́вное предложе́ние** иштиктүү сунуш.

**КОНСТРУ'КТОР** *м.* конструктор (*конструкциянын автору*); **констру́ктор самолёта** самолёттун конструктору.

**КОНСТРУ'КТОРСКИЙ,** -ая, -ое **конструктор**-*го т.*; конструктордук; **констру́кторское бюро́** конструктордук бюро.

**КОНСТРУ'КЦИЯ** *ж.* 1. конструкция (*кандайдыр бир машинанын, курулуштун ж. б. структурасы, планы, бөлүктөрүнүн өз ара жайланышы*); **маши́на сло́жной констру́кции** татаал конструкциялуу машина; 2. конструкция (*ошол курулуштун, машинанын ж. б. өзү*); **железобето́нная констру́кция** темир-бетондук конструкция; 3. *грам.* конструкция (*сөздөрдүн байланышы, түзүлүшү*).

**КО'НСУЛ** *м.* 1. *дип.* консул (*башка мамлекеттин жергиликтүү бийлигинен өз мамлекетинин жана анын граждандарынын таламын жактоочу дипломатиялык ведомствонун кызматкери*); **генера́льный ко́нсул** генеральный консул; 2. *ист.* консул (*кээ бир өлкөлөрдө — эң жогорку өкмөт адамдарынын аты*).

**КО'НСУЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **консул**-*га т.*; консулдук; **ко́нсульская до́лжность** консулдук кызмат.

**КО'НСУЛЬСТВО** *ср.* консульство (1. *бир мамлекеттин экинчи бир мамлекеттин территориясынын түрдүү пункттарында консул башкарган өкүлдүгү*; 2. *консулдук кызмат*).

**КОНСУЛЬТА'НТ** *м.* консультант (*кандайдыр бир иш, илим жагынан специалист; өзүнүн специалисттиги боюнча башкаларга кеңеш берип туруучу адам*).

**КОНСУЛЬТАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **консультация**-*га т.*; консультациялык; **консультацио́нное совеща́ние** консультациялык кеңешме.

**КОНСУЛЬТА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*совещание*) консультация (*специалисттин берген кеңеши*); **дать консульта́цию** консультация берүү; 2. (*учреждение*) консультация (*практикалык айрым маселелер боюнча специалисттер аркылуу кеңештер берип жардам кылуучу мекеме*); **юриди́ческая консульта́ция** юридический консультация; **де́тская консульта́ция** балдар консультациясы; 3. (*в помощь учащимся*) консультация (*окуучуга мугалимдин түшүндүрүү иретинде берген жардамы*).

**КОНСУЛЬТИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. *с кем-чем* (*советоваться*) консультациялоо, консультация алуу; **консульти́ровать вопро́с со специали́стом** маселе боюнча специалисттен консультация алуу; 2. *кого-что* (*давать консультацию*) консультация кылуу, консультация берүү; **консульти́ровать студе́нта** студентке консультация берүү.

**КОНТА'КТ** *м.* 1. *тех.* контакт (*электр сымдарынын тийишкен жери*); 2. *перен.* контакт (*байланыш; аракеттердин өз ара байланыштуулугу*); **вступи́ть (войти́) в конта́кт** *с кем-л.* *бирөө менен* контакт түзүү; **ли́чный конта́кт** өздүк контакт.

www.bizdin.kg

**КОНТА'КТНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* тийишкен, кошулган (*мис. электр сымдары*).
**КОНТЕ'ЙНЕР** *м.* контейнер (**1.** *тех. бак, идиш;* **2.** *ж.-д. жүк ташуу үчүн ылайыкталган кузов*).
**КОНТЕ'КСТ** *м.* контекст (*жазылган же сүйлөнгөн речтин ичиндеги айрым сүйлөмдөрдүн жана сөздөрдүн байланышы*); **в конте́ксте сло́во стано́вится поня́тным** сөз контекстте түшүнүктүү болот.
**КОНТИНГЕ'НТ** *м.* **1.** контингент (*кандайдыр бир коллективдин, мис. мекеменин, уюмдун, ишкананын, армиянын ж. б. адамдарынын составы*); **континге́нт уча́щихся** окуучулардын контингенти; **2.** *эк.* контингент (*тышкы соодада — белгилүү товарларды бир мамлекеттен экинчи бир мамлекетке ташып чыгаруунун, ташып келүүнүн же транзит кылып ташуунун келишимдер менен белгиленген нормасы*).
**КОНТИНЕ'НТ** *м.* континент (*жер жүзүндөгү кургактыктын бардык жагынан деңиздер жана океандар менен курчалган чоң бөлүгү; мис. Африка ж. б.*).
**КОНТИНЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **континент**-*ке т.*; континенталдуу; **континента́льный кли́мат** континенталдуу (*кургак*) климат.
**КОНТОКОРРЕ'НТ** *м. эк.* контокоррент (*өз ара эсеп-кысаптар үчүн өзүнүн дайыма клиентине мекеменин ачкан счёту*).
**КОНТОКОРРЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое: **контокорре́нтный счёт** *эк. см.* **контокорре́нт.**
**КОНТО'РА** *ж.* контора (*административдик-канцелярдык иштерди аткаруучу мекемелердин жалпы аты*).
**КОНТО'РКА** *ж.* конторка (*туруп иштөөгө ылайыкталып жасалган бийик стол*).
**КОНТО'РСКИЙ,** -ая, -ое **контора**-*га т.*; **конто́рский слу́жащий** контора кызматкери.
**КОНТО'РЩИК** *м. уст.* конторщик (*контора книгасын жүргүзүүчү конторадагы жардамчы, кенже кызматкер*).
**КОНТР-** *татаал сөздөрдүн баш жагына айкашып, «каршы» деген маанини билдирүүчү бөлүк; мис.* **контруда́р** контрсокку, каршы сокку, кайра согуу.
**КОНТРАБА'НДА** *ж.* контрабанда (**1.** *бажы салынган же уруксат кылынбаган товарларды башка мамлекеттин чегинен жашырын алып өтүү;* **2.** *жашырын алып өтүлгөн товар;* **3.** *перен. жашырын түрдө өткөрүү, жүргүзүү*).
**КОНТРАБАНДИ'СТ** *м.* контрабандачы, контрабандалык кылуучу адам.
**КОНТРАБА'НДНЫЙ,** -ая, -ое **контрабанда**-*га т.*; контрабандалык; **контраба́ндный това́р** контрабандалык товар.
**КОНТРАБА'С** *м. муз.* контрабас (*музыкалык инструменттин бир түрү*).
**КОНТРАГЕ'НТ** *м.* контрагент (*договор боюнча кандайдыр бир милдеттенмени өзүнүн мойнуна алган адам же мекеме*).
**КОНТР-АДМИРА'Л** *м.* контр-адмирал (*флоттогу биринчи адмиралдык чин*).
**КОНТР-АДМИРА'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **контр-адмирал**-*га т.*; контр-адмиралдык; **контр-адмира́льское зва́ние** контр-адмиралдык наам.
**КОНТРА'КТ** *м.* контракт (*өз ара милдеттенип, эки тараптын ортосунда түзүлгөн договор*); **заключи́ть контра́кт** контракт түзүү.
**КОНТРАКТА'ЦИЯ** *ж.* контрактация, контрактациялоо, контрактация кылуу (*өнөр жай, чарбачылык ж. б. уюмдардын арасында түзүлгөн договорлор*); **контракта́ция хло́пка** пахтаны контрактациялоо.
**КОНТРА'КТНЫЙ,** -ая, -ое **контракт**-*ка т.*
**КОНТРАКТОВА'ТЬ** *несов. кого-что* контрактациялоо, контрактация кылуу.
**КОНТРА'ЛЬТО** *ср. нескл. муз.* контральто (**1.** *аялдын эң жоон үнү;* **2.** *эң жоон үн менен ырдоочу аял*).
**КОНТРА'ЛЬТОВЫЙ,** -ая, -ое **контральто**-*го т.*
**КОНТРАМА'РКА** *ж.* контрамарка (*театрга, концертке кирүү үчүн билет ордуна бериле турган кагаз, карточка*).
**КОНТРА'СТ** *м.* карама-каршылык (*апачык түрдө көрүнгөн карама-каршылык*); **контра́ст цвето́в** түстөрдүн карама-каршылыгы.
**КОНТРАСТИ'РОВАТЬ** *несов. с кем-чем* карама-каршы болуу, карама-каршы туруу; **бе́лый воротни́к контрасти́рует с чёрным цве́том пла́тья** ак жака көйнөктүн кара түсүнө карама-каршы болуп турат.
**КОНТРА'СТНОСТЬ** *ж.* карама-каршылуулук.
**КОНТРА'СТНЫЙ,** -ая, -ое карама-каршы, карама-каршы болуп турган; **контра́стные цвета́** карама-каршы түстөр.
**КОНТРАТА'КА** *ж. воен.* контратака (*атакага каршы атака*).
**КОНТРАТАКОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* контратака жасоо (*каршы атака жасоо*).
**КОНТРИБУЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **контрибуция**-*га т.*
**КОНТРИБУ'ЦИЯ** *ж.* контрибуция (*жеңген мамлекетке жеңилген мамлекет тынчтык договор боюнча согуштан кийин төлөп туруучу акча*).
**КОНТРМАНЁВР** *м. воен.* контрманёвр, каршы манёвр.
**КОНТРМЕ'РА** *ж.* каршы чара; **принима́ть контрме́ры** каршы чаралар көрүү.
**КОНТРНАСТУПЛЕ'НИЕ** *ср. воен.* чабуулга каршы чабуул.
**КОНТРОЛЁР** *м.* контролёр (*бирөөнүн аракеттерин же укуктарын текшерүүгө милдеттүү болгон адам*).
**КОНТРОЛЁРСКИЙ,** -ая, -ое **контролёр**-*го т.*
**КОНТРОЛИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* контролдоо, контролдук кылуу, текшерүү.
**КОНТРО'ЛЛЕР** *м. тех.* контроллер (*трамвайдын электр кыймылдаткычтарына, компрессор машиналарга, электр күчүн өлчөп берип туруучу аппарат*).
**КОНТРО'ЛЬ** *м.* **1.** (*проверка*) контроль, контролдоо, контролдук кылуу, текшерүү; **организова́ть контро́ль** контроль уюштуруу; **2.** (*учреждение*) контроль (*контроль кылуучу, текшерүүчү мекеме*); **госуда́рственный контро́ль** мамлекеттик контроль; **3.** *собир.* контроль (*текшерүүчү адамдар*); **поста́вить контро́ль у вхо́да** эшик алдына контроль коюу.
**КОНТРО'ЛЬНО-ИЗМЕРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **контро́льно-измери́тельные прибо́ры** контролдук-өлчөө приборлору.
**КОНТРО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **контроль**-*го т.*; контролдук; **контро́льные весы́** контролдук тараза; **контро́льный тало́н** контролдук талон.
**КОНТРРАЗВЕ'ДКА** *ж.* контрразведка, каршы чалгын (*чет мамлекеттин шпионажына жана диверсиясына жол койбой, аларга каршы күрөшүүчү уюм*).
**КОНТРРЕВОЛЮЦИОНЕ'Р** *м.* контрреволюционер.
**КОНТРРЕВОЛЮЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое контрреволюциячыл, контрреволюциялык, революцияга каршы.
**КОНТРРЕВОЛЮ'ЦИЯ** *ж.* контрреволюция (*революцияга каршы чыгуучулук*).
**КОНТРУДА'Р** *м.* контрсокку, каршы сокку, кайра согуу.
**КОНТУ'ЖЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **конту́зить;** **2.** *в знач. сущ. м., ж.* контузия болгон адам, контузияланган адам, денесине доо кеткен.
**КОНТУ'ЗИТЬ** *сов. кого-что* контузиялоо, контузия кылуу; **его́ конту́зило в го́лову** анын башы контузия болгон.
**КОНТУ'ЗИЯ** *ж.* контузия (*дененин сырты жараланбай эле урунуудан, согулуудан, бир нерсе келип катуу тийүүдөн эт уюлуу, майып болуу; денеге доо кетүү*).
**КО'НТУР** *м.* **1.** контур (*кандайдыр бир нерсенин сызык менен чийилип көрсөтүлгөн формасы*); **нарисова́ть ко́нтур**

www.bizdin.kg

**головы́** баштын контуруи тартуу; 2. *эл.* контур (*электр өткөргүч сымдардын бир-бирине уланышы*).

**КО́НУРА** *ж.* 1. иттин кепеси; 2. *перен. разг.* кичинекей, туруунга онтойсуз бөлмө.

**КО́НУС** *м. мат.* конус (*түз жактуу үч бурчтук өзүнүн катетинин тегерегинде айлануудан пайда болуучу геометриялык тело*).

**КОНУСООБРА́ЗНЫЙ**, -ая, -ое конус сыяктуу, конус формалуу.

**КОНФЕДЕРА́ЦИЯ** *ж.* конфедерация (*кандайдыр бир уюмдардын, мамлекеттердин союзу, бирикмеси*).

**КОНФЕРАНСЬЕ́** *м. нескл.* конферансье (*сахнада көрсөтүлүп, коюлуп жаткан оюндун мазмунун көрүүчүлөргө айтып берип туруучу адам*).

**КОНФЕРЕ́НЦ-ЗА́Л** *м.* конференц-зал (*салтанаттуу заседание, конференция, кеңешме өткөрүлүүчү зал*).

**КОНФЕРЕ́НЦИЯ** *ж.* конференция (*кандайдыр бир маселелерди талкуулоо үчүн мамлекеттик, илимий, коомдук, партиялык жана башка уюмдардын өкүлдөрүнүн жыйналышы, кеңешмеси*); **парти́йная конфере́нция** партиялык конференция; **междунаро́дная конфере́нция** эл аралык конференция; **нау́чная конфере́нция** илимий конференция.

**КОНФЕ́ТА** *ж.* конфета.

**КОНФЕ́ТНЫЙ**, -ая, -ое **конфета**-*га т.*; **конфе́тная фа́брика** конфета фабрикасы.

**КОНФЕТТИ́** *ср. нескл.* конфетти (*майрам, тамаша, бал бийи кезде кишилер бир-биринин үстүнө чачыша турган, жаадырыша турган ар түрдүү түстөгү тегерек майда кагазчалар*).

**КОНФИГУРА́ЦИЯ** *ж.* конфигурация (*нерселердин, бир нерсенин бөлүктөрүнүн өз ара ыкташып бир фигура жасашы*).

**КОНФИДЕНЦИА́ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жарыялоого жатпай турган, жашырын; **конфиденциа́льный разгово́р** жашырын сүйлөшүү.

**КОНФИСКА́ЦИЯ** *ж.* конфискация, конфискациялоо, конфискация кылуу (*бирөөнүн мүлкүн мамлекеттин токтому боюнча мамлекеттин пайдасына алуу*).

**КОНФИСКОВА́ТЬ** *сов. и несов. что* конфискациялоо, конфискация кылуу; **конфискова́ть иму́щество** мүлктү конфискациялоо.

**КОНФЛИ́КТ** *м.* конфликт (*чыр-чатак, жаңжал, келише албастык, алалык, кагылышуу*).

**КОНФЛИ́КТНЫЙ**, -ая, -ое **конфликт**-*ке т.*; **конфли́ктная коми́ссия** конфликт комиссиясы.

**КОНФЛИКТОВА́ТЬ** *несов.* **с кем-чем**, *разг.* конфликт жасоо (*чатакташуу, чырдашуу, жаңжалдашуу, кагылышуу*).

**КОНФО́РКА** *ж.* 1. (*у самовара*) конфорка, кемпирек (*самоордун чайнек койгучу*); 2. (*на плите*) чоюн мештин тешигин бүтөөчү тегерек.

**КОНФУ́З** *м. разг.* уят болуу, сүрдөө, аптыгуу, аптыгып калуу, шашуу, шашып калуу.

**КОНФУ́ЗИТЬ** *несов. кого-что* уялтуу, уят кылуу, уятка калтыруу, бетин чымыратуу, сүрдөтүү, аптыктыруу.

**КОНФУ́ЗИТЬСЯ** *несов.* уялуу, уялып калуу, бети чымыроо, сүрдөө, сүрдөп кетүү, аптыгуу, аптыгып кетүү, шашып калуу.

**КОНФУ́ЗЛИВЫЙ**, -ая, -ое *разг.* уялчаак, уяң, сүрдөөк, батымсыз, батымы жок.

**КОНЦЕВО́Й**, -а́я, -о́е аяк жагында, учунда турган, аяккы, учку; **концева́я строка́** *полигр.* аяккы сап (жол).

**КОНЦЕНТРА́Т** *м.* концентрат (1. *куюлтулган, ныкталган кургак тамак*; 2. *с.-х. кучтүү тоют*; 3. *горн. составы жакшыртылган кен*).

**КОНЦЕНТРАЦИО́ННЫЙ**, -ая, -ое: **концентрацио́нный ла́герь** концентрационный лагерь.

**КОНЦЕНТРА́ЦИЯ** *ж.* 1. (*сосредоточение в одном месте*) концентрация, концентрациялоо, концентрация кылуу, концентрациялануу, топтоо, жыйноо, чогултуу; **концентра́ция войск на грани́це** чек арага войско топтоо; 2. *эк.* концентрация, концентрациялоо; **концентра́ция капита́ла** капиталды концентрациялоо; **концентра́ция произво́дства** өндүрүштү концентрациялоо; 3. *хим.* концентрация, концентрациялоо, коюулантуу, сиңирүү; 4. *горн.* концентрация, концентрациялоо (*кенди жакшыртуу жолу*).

**КОНЦЕНТРИ́РОВАННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **концентри́ровать**; 2. *прил. хим.* коюлтулган, сиңирилген; 3. *прил. горн.* концентрацияланган (*составы жакшыртылган*); 4. *прил. с.-х.* концентрацияланган (*күчтүү*); **концентри́рованный корм** концентрацияланган тоют.

**КОНЦЕНТРИ́РОВАТЬ** *несов. кого-что* 1. (*в одном месте*) концентрациялоо, концентрация кылуу, топтоо, чогултуу, жыюу; 2. *перен.* (*напр. внимание*) концентрациялоо, коюу, топтоо, жыйноо, буруу; 3. *хим.* концентрациялоо, коюлтуу, сиңирүү; 4. *горн.* концентрациялоо (*кендин составын жакшыртуу*).

**КОНЦЕНТРИ́РОВАТЬСЯ** *несов.* 1. (*собираться в одном месте*) концентрациялануу, топтолуу, чогулуу; 2. *хим.* концентрациялануу, коюулантуу, сиңирилүү.

**КОНЦЕНТРИ́ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое *мат.* борборлош; **концентри́ческие окру́жности** борборлош айланалар.

**КОНЦЕ́ПЦИЯ** *ж.* концепция (*бир нерсенин негизги түшүнүгү; кубулуштар жөнүндөгү көз караштардын системасы*).

**КОНЦЕ́РН** *м. эк.* концерн (*жалпы бир финансылык жетекчилик астында бир нече соода-өнөр жайлык капиталисттик ишканалардын монополиялык бирикмеси*).

**КОНЦЕ́РТ** *м.* концерт (1. *музыкалык чыгарманы кишилерге ойноп берүү*; 2. *оркестрдин коштоосу менен жалгыз ойноло турган кандайдыр бир инструмент үчүн жазылган музыкалык ири чыгарма*).

**КОНЦЕРТА́НТ** *м.* концертант (*концертке катышуучу артист*).

**КОНЦЕРТА́НТКА** *женск. р. к* **концерта́нт**.

**КОНЦЕРТИ́РОВАТЬ** *несов.* концерт берүү, концерт коюп берүү.

**КОНЦЕРТМЕ́ЙСТЕР** *м. муз.* концертмейстер (1. *оркестрдин жетекчиси*; 2. *пианинодо обончуга, жардам катарында кошулуп ойноочу киши*).

**КОНЦЕ́РТНЫЙ**, -ая, -ое **концерт**-*ке т.*; **конце́ртный зал** концерт залы.

**КОНЦЕССИОНЕ́Р** *м.* концессионер (*концессия алуучу адам*).

**КОНЦЕССИО́ННЫЙ**, -ая, -ое **концессия**-*га т.*; концессиялык; **концессио́нный догово́р** концессиялык договор.

**КОНЦЕ́ССИЯ** *ж. эк.* концессия (1. *кен казуу, токойдон пайдалануу ж. б. үчүн көбүнчө чет элдик жеке капиталисттерге же капиталисттик бирикмелерге мамлекет тарабынан белгилүү шарттар менен берилген уруксат келишими*; 2. *концессия иретинде уюштурулган ишкана*).

**КОНЦЛА́ГЕРЬ** *м.* (**концентрацио́нный ла́герь**) *см.* **концентрацио́нный** (**концентрацио́нный ла́герь**).

**КОНЦО́ВКА** *ж.* концовка (1. *полигр. китептин, кол жазманын бөлүмдөрүнүн аяк жагына коюлган сүрөтчөлөр*; 2. *разг. адабий чыгарманын корутунду бөлүгү*).

**КОНЧА́ТЬ** *несов.* бүтүрүү, аяктоо.

**КОНЧА́ТЬСЯ** *несов.* 1. бүтүү, аякталуу; 2. *уст.* (*умирать*) жаны чыгуу (*өлүү*); 3. *страд. к* **конча́ть**.

**КО́НЧЕНО** *безл. в знач. сказ.* 1. (*довольно*) бүттү, болду, койдум; **ко́нчено! с за́втрашнего дня броса́ю кури́ть** болду! эртеңден баштап тамеки чегүүнү таштаймын; 2. *с кем-чем* бүттү, ажыраштык (*мис. эки дос*); **у меня́ с ним всё ко́нчено** мен аны менен байланышты такыр үздүм.

**КО́НЧЕНЫЙ**, -ая, -ое *разг.* бүткөн, чечилген; **э́то де́ло ко́нченое** бул чечилген иш; ◇ **ко́нченый челове́к** кишиликтен чыккан адам.

www.bizdin.kg

**КО'НЧИК** *м. уменьш. от* **конéц** уч, баш; **кóнчик пáльца** бармактын башы (учу); ◇ **вертéться на кóнчике языкá** *разг.* тилинин учунда туруу.

**КОНЧИ'НА** *ж.* өлүм, дүйнөдөн кайтуу.

**КО'НЧИТЬ** *сов.* 1. *что* бүтүү, бүтүрүү, аяктоо; **кóнчить шкóлу** мектепти бүтүрүү; **кóнчить рабóту** жумушту бүтүү; 2. *что и с неопр.* (*перестать*) токтотуу, жок кылуу, таштоо (*мис. тамеки чегүүнү*); ◇ **он плóхо кóнчит** анын түбү барып жаман болот.

**КО'НЧИТЬСЯ** *сов.* бүтүү, аяктоо; **урóки кóнчатся в шесть часóв вéчера** окуу кечки саат алтыда бүтөт.

**КОНЪЮНКТИВИ'Т** *м. мед.* конъюнктивит (*көз оору, көздүн былжырлуу оболочкасынын сезгениши*).

**КОНЪЮНКТУ'РА** *ж.* конъюнктура (*бир нерсеге таасир кылуучу шарттардын жыйынтыгы; кырдаалдардын айкалышы*); **экономи́ческая конъюнктýра** экономикалык конъюнктура.

**КОНЪЮНКТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **конъюнктура**-*га т.*; конъюнктуралык; **конъюнктýрные цéны** конъюнктуралык баалар.

**КОНЬ** *м.* 1. ат; жылкы; 2. *шахм.* ат.

**КОНЬКИ'** *мн.* (*ед.* **конёк** *м.*) коньки (*бутка байлап алып муз тебе турган кыр темир*).

**КОНЬКОБЕ'ЖЕЦ** *м.* коньки тебүүчү спортсмен.

**КОНЬКОБЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое: **конькобéжные состязáния** коньки тебүү мелдештери.

**КОНЬЯ'К** *м.* коньяк (*мас кылуучу ичкиликтин бир түрү*).

**КО'НЮХ** *м.* мыракыр, ат багуучу адам.

**КОНЮ'ШЕННЫЙ,** -ая, -ое **конюшня**-*га т.*

**КОНЮ'ШНЯ** *ж.* аткана; ◇ **áвгиевы конюшни** Авгийдин атканасы (*абдан булганган, баш аламан болгон, тартиби кеткен жай же иш*).

**КООПЕРАТИ'В** *м.* кооператив (1. *кооперативдик уюм;* 2. *уст. кооперативдик магазин*).

**КООПЕРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **кооперация**-*га*, **кооператив**-*ге т.*; кооперативдик; **кооперати́вная торгóвля** кооперативдик соода.

**КООПЕРА'ТОР** *м.* кооператор (*кооперацияда же кооперативде кызмат кылуучу адам*).

**КООПЕРА'ЦИЯ** *ж.* кооперация.

**КООПЕРИ'РОВАНИЕ** *ср.* кооперативдештирүү, кооператив болуп биригүү, кооперативге бириктирүү; **коопери́рование сéльского хозя́йства** айыл чарбасын кооперативдештирүү.

**КООПЕРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *что* кооперативдештирүү (*кооперативдик негизде бириктирүү*); 2. *кого-что* кооператив уюмуна тартуу.

**КООПЕРИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов.* 1. кооперативдешүү, кооператив негизинде биригүү; 2. *страд. к* **кооперировать.**

**КООПТА'ЦИЯ** *ж.* кооптация, кооптациялоо, кооптация кылуу (*шайланма органды шайлоосуз эле жаңы мүчөлөр менен толуктоо*).

**КООПТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* кооптациялоо, кооптация кылуу.

**КООРДИНА'ТА** *ж. мат.* координата (*негизги геометриялык элементтердин же мейкиндиктин абалын аныктай турган чоңдуктардын бири*).

**КООРДИНА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **координата**-*га т.*

**КООРДИНА'ЦИЯ** *ж.* координация (*өз ара айкашуу, айкаштыруу, бир-бирине шайкеш келүү, шайкеш келтирүү, кыйышуу, эптештирүү, кыйыштыруу*).

**КООРДИНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, с чем* координациялоо, координация кылуу; **координи́ровать усилия** аракеттерди координациялоо.

**КОПА'НИЕ** *ср.* 1. казуу; 2. *перен.* чукуу, чукулоо.

**КОПА'ТЬ** *несов. что* казуу; **копáть я́му** ор казуу; **копáть огорóд** огород казуу, огород айдоо; **копáть картóфель** картошка казуу.

**КОПА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *в чём* (*рыться копая*) казуу, казып илээшүү, аңтарып-теңтерүү, издеп аңтаруу, казгылоо; **копáться в пескé** кумду казгылоо; 2. *в чём* (*ворошить, перебирать*) казып аңтаруу, казып тинтүү; 3. *с чем, перен. разг.* (*мешкать*) көпкө чейин илээшүү, иришүү, убаралануу.

**КОПЕ'ЕЧКА** *ж. уменьш. от* **копéйка** бир тыйын; ◇ **стать в копéечку** *разг.* өтө кымбатка түшүү.

**КОПЕ'ЕЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. бир тыйындык, бир тыйын тура турган, сокур тыйындык (*нерсе*); 2. *перен. разг.* эң эле аз, жокко эсе; **копéечные расхóды** эң эле аз расход.

**КОПЕ'ЙКА** *ж.* бир тыйын (*бир тыйындык бакыр акча*); ◇ **копéйка в копéйку** *разг.* тыйынына чейин, бир тыйынын калтырбай, такма-так, туура, точмо-точ (*акча эсептешкен кезде*); **копéйка рубль бережёт** *посл.* таяк тайга жеткирет, тай атка жеткирет.

**КОПЁР** *м. тех.* копёр (*жерге жоон мамыны кагуу үчүн колдонула турган машина*).

**КО'ПИ** *только мн.* кен (*пайдалуу кендер казылып жаткан жер*); **каменноугóльные кóпи** таш көмүр кени.

**КОПИ'ЛКА** *ж.* копилка (*акча салып жыйноо үчүн арналган кичине куту*).

**КОПИ'РКА** *ж. разг. см.* **копировáльный** (**копировáльная бумáга**).

**КОПИРОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **копировáльная бумáга** көчүргүч кагаз.

**КОПИРОВА'ЛЬЩИК** *м. см.* **копирóвщик.**

**КОПИРОВА'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **копировáльщик.**

**КОПИ'РОВАНИЕ** *ср.* 1. копиясын түшүрүү, копиясын көчүрүү; 2. *перен.* тууроо (*башкаларды тууроо, бирөө эмне кылса, ошону иштөө*).

**КОПИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. *что* копиясын түшүрүү, копиясын көчүрүү; 2. *кого-что, перен.* тууроо (*башкаларды тууроо, бирөө эмне кылса, ошону кылуу*); **дéти лю́бят копировать взрóслых** балдар чоңдорду туураганды жакшы көрөт.

**КОПИРО'ВЩИК** *м.* копировщик (*бир нерсенин копиясын түшүрүүчү, көчүрүүчү адам*).

**КОПИРО'ВЩИЦА** *женск. р. к* **копирóвщик.**

**КОПИ'ТЬ** *несов. что* жыйноо, чогултуу, чогултуп алуу.

**КО'ПИЯ** *ж.* 1. копия (*көчүрмө*); **кóпия карти́ны** картинанын копиясы; **завéрить кóпию** копиясын бекитүү; 2. *перен.* эң окшош; союп каптагандай; куюп койгондой окшош; **сын — кóпия отцá** уулу — атасына союп каптагандай окшош.

**КО'ПКА** *ж.* казуу; **кóпка свёклы** кызылча казуу.

**КОПНА'** *ж.* чөмөлө; **копнá волóс** *перен.* үрпөйгөн калың чач.

**КОПНЕ'НИЕ** *ср.* чөмөлөлөө; **копнéние сéна** чөптү чөмөлөлөө.

**КОПНИ'ТЕЛЬ** *м. с.-х.* (чөптү) чөмөлөлөөчү машина.

**КОПНИ'ТЬ** *несов. что* чөмөлөлөө, чөмөлө салуу; **копни́ть солóму** саманды чөмөлөлөө.

**КОПНУ'ТЬ** *однокр.* казуу.

**КОПОТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* 1. (*медлительный*) кыбыр, кыбырап иштей берген; **копотли́вый рабóтник** кыбыр кызматкер; 2. (*требующий хлопот*) убаралуу, убарасы көп; **копотли́вая рабóта** убарасы көп жумуш.

**КО'ПОТЬ** *ж.* ыш, көө.

**КОПОШИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*о насекомых*) кыжылдап (быжылдап, толуп) жатуу, быкбырдай кайноо (*мис. кумурска*); 2. *перен.* кыбыроо, кыбырап иштөө.

**КО'ПРА** *ж.* копра (*кокос жаңгагынын данеги; андан май чыгарылат*).

**КОПТЕ'ТЬ** *несов. разг. см.* **корпéть.**

**КОПТИ'ЛКА** *ж. разг.* шайтан чырак (*шишесиз күйө турган кичине чырак*).

**КОПТИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **копти́льный завóд** ыштоочу завод.

www.bizdin.kg

**КОПТИ'ЛЬНЯ** *ж.* эт, балык ыштоочу көп чоң эмес ишкана.

**КОПТИ'ТЬ** *несов.* **1.** (*испускать копоть*) түтөө (*мис. лампа*); **2.** *что* (*мясо, рыбу*) ыштап сүрсүтүү; **3.** *что* (*кожу*) ыштоо; ◇ **нёбо коптить** *разг.* бекерге күн өткөрүү, бекер эле жүрө берүү.

**КОПУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, с.-х.* кыймалап улоо, кыйыштыруу (*мис. алма жыгачын*).

**КОПУЛИРО'ВКА** *ж. с.-х.* кыймалап улоо, кыйыштыруу (*мис. жемиш жыгачын*).

**КОПУ'Н** *м. разг.* кыбыр адам.

**КОПУ'ША** *м. и ж. см.* **копун.**

**КОПЧЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*мяса, рыбы*) ыштап сүрсүтүү; **2.** (*кожи*) ыштоо.

**КОПЧЁНОСТИ** *только мн.* сүрсүтүлгөн нерселер, ышка сүрсүгөн тамак-аштар (*эт, балык*).

**КОПЧЁНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*о мясе, рыбе*) ыштап сүрсүтүлгөн; **2.** (*о коже*) ышталган.

**КО'ПЧИК** *м. анат.* куймулчак.

**КО'ПЧИКОВЫЙ,** -ая, -ое **копчик**-*ке т.*; **ко́пчиковая кость** куймулчак сөөк.

**КОПЧУ'ШКА** *ж. разг.* сүрсүтүлгөн кичине балык.

**КОПЫ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** туяктуу, туягы бар; **2. копы́тные** *мн.* (*ед.* **копы́тное** *ср.*) *зоол.* туяктуулар, туягы барлар (*туяктуу жаныбарлар*).

**КОПЫ'ТО** *ср.* туяк; **па́рное копы́то** ача туяк; **кру́глое копы́то** ай туяк.

**КОПЫ'ТЦЕ** *ср. уменьш. от* **копы́то** туякча, кичинекей туяк.

**КОПЬЁ** *ср.* найза; ◇ **ко́пья лома́ть** жаакташуу, жаакташып айтышуу.

**КОПЬЕВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *бот.* найза сыяктуу, найза формалуу (*жалбырак*).

**КОПЬЕНО'СЕЦ** *м. ист.* найзалуу, найзакер.

**КОРА'** *ж.* **1.** кабык; **кора́ берёзы** кайыңдын кабыгы; **2.** (*напр. ледяная, земная*) кыртыш; **земна́я кора́** жер кыртышы; **3.** *анат.* кап, сырты (*мис. мээнин*).

**КОРАБЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **корабль**-*га т.*; кемелик; **корабе́льный лес** кеме куруугa жумшала турган узун, түз жыгачтар.

**КОРАБЛЕВОЖДЕ'НИЕ** *ср.* кеме айдоо окуусу, кемени жүргүзүү илими.

**КОРАБЛЕКРУШЕ'НИЕ** *ср.* кеменин кыйрап (чөгүп) кетиши.

**КОРАБЛЕСТРОЕ'НИЕ** *ср.* кеме куруу, кеме жасоо.

**КОРАБЛЕСТРОИ'ТЕЛЬ** *м.* кеме куруу жагынан специалист.

**КОРАБЛЕСТРОИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **кораблестроение**-*ге т.*

**КОРА'БЛИК** *м. уменьш. от* **кора́бль** кемече, кичинекей кеме.

**КОРА'БЛЬ** *м.* кеме; **лине́йный кора́бль** линейный кеме; **возду́шный кора́бль** аба кемеси; ◇ **сжечь свои́ корабли́** өз кемелерин өрттөп жиберүү (*эскиликтен такыр кол үзүп, жаңы жолго түшүү*).

**КОРА'ЛЛ** *м.* **1.** *зоол.* коралл (*деңизде жашоочу жаныбарлардын бир түрү*); **2.** (*камень*) шуру, маржан.

**КОРА'ЛЛОВЫЙ,** -ая, -ое **1. коралл**-*га т.*; **кора́лловый о́стров** коралл аралы; **кора́лловое ожере́лье** шуру мончок; **2.** *перен.* шуруга окшош, шуру сыяктуу, маржанга окшош, маржан сыяктуу; **3.** (*о цвете*) шуру (маржан) түстүү, кызыл; **кора́лловые гу́бы** кызыл (маржан түстүү) эриндер.

**КОРА'Н** *м. рел.* куран (*мусулмандардын диний китеп*).

**КОРВЕ'Т** *м. мор.* корвет (**1.** *уст. байыркы үч мачталуу согуштук кеме*; **2.** *кароолчу жеңил согуштук кеме*).

**КО'РДА** *ж.* корда (*атты байлап коюп, тегеректе айдай турган узун чылбыр, аркан*).

**КОРДЕБАЛЕ'Т** *м. театр.* кордебалет (*группалык танецтерди аткаруучу, балеттик артисттер*).

**КОРДО'Н** *м. воен.* кордон (*чек араны коруучу, сактап туруучу отряд*).

**КОРДО'ННЫЙ,** -ая, -ое **кордон**-*го т.*; кордондук.

**КОРЕВО'Й,** -а́я, -о́е **корь**-*го т.*

**КОРЕ'ЕЦ** *м.* кореец, кореялык.

**КОРЁЖИТЬ** *несов. разг.* **1.** *что* куруштуруу, чүрүштүрүү (*мис. күн чылгый терини*); **2.** *безл. кого-что* куруштуруу (*мис. бүткөн бойду*); **его́ всего́ корёжит** анын бүткөн боюн куруштуруп турат; **3.** *кого-что, перен.* кыжырды келтирүү, жийиркентүү.

**КОРЁЖИТЬСЯ** *несов. разг.* **1.** курушуу, чүрүшүү; **сыромя́тная ко́жа от со́лнца корёжится** чылгый тери күндөн курушат; **2.** (*напр. от боли*) куушурулуу, курушуу (*мис. оорудан*).

**КОРЕ'ЙКА** *ж.* музоонун (чочконун) төшү.

**КОРЕ'ЙЦЫ** *мн.* корейцтер, кореялыктар.

**КОРЕНА'СТЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*о дереве*) чоң мыкты тамырдуу (*жыгач*); **2.** (*о человеке*) бакжагай (*адам*).

**КОРЕНИ'ТЬСЯ** *несов. в чём* негизденүү, келип чыгуу, сиңип калуу; **суеве́рия коренятся в невéжестве** ырым-жырымга ишенүүчүлүк наадандыктан келип чыгат.

**КОРЕННИ'К** *м.* ортого чегилген ат.

**КОРЕННО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*исконный, постоянный*) негизги, илгертеден берки, жергиликтүү; **коренно́й жи́тель** жергиликтүү адам; **2.** (*существенный*) баштан-аяк, негизги, эң маанилүү; **коренно́е измене́ние** баштан-аяк өзгөрүү, негизги өзгөрүү; **коренно́й вопро́с** негизги маселе; ◇ **коренны́е зу́бы** азуу тиштер; **коренна́я ло́шадь** *см.* **коренник.**

**КО'РЕНЬ** *м.* **1.** (*растений*) тамыр (*өсүмдүктөрдүн*); **вы́рвать с ко́рнем** 1) тамыры менен кошо жулуу (суурyу); 2) *перен.* түп-тамырынан бери соолтуу (курутуу), таптакыр жок кылуу; **пусти́ть ко́рни** 1) тамыр алуу, тамыр жаюу; 2) *перен.* бекем орношуп алуу, тамыр жаюу; **2.** (*зуба*) түп, дүмүрчөк; **ко́рень зу́ба** тиштин дүмүрчөгү; **3.** (*воло́с, ногтей*) түп (*мис. чачтын, тырмактын*); **4.** *перен.* негиз, себеп; **докопа́ться до ко́рня** негизине жетүү, себебин билүү; **5.** *лингв.* уңгу (*сөздүн уңгусу*); **6.** *мат.* тамыр; **квадра́тный ко́рень** квадраттык тамыр; ◇ **на корню́** орула элек, чабыла элек, өсүп турган (*мис. эгин*); **в ко́рне** такыр, түк, дегеле; **в ко́рне непра́вильно** такыр туура эмес; **покрасне́ть до корне́й воло́с** кулагына чейин кызаруу; **ко́рень зла** жамандыктын негизги себеби.

**КОРЕ'НЬЯ** *только мн.* тамыры жемиш кээ бир өсүмдүктөрдүн тамырлары.

**КОРЕШО'К** *м.* **1.** *уменьш. от* **ко́рень 1** тамырча, кичинекей тамыр; **2.** *уменьш. от* **ко́рень 2** түп, дүмүрчөк (*мис. тиштин*); **3.** (*в книге*) түп (*китепте, дептерде ж. б.*); **4.** дүмүрчөк (*квитанцияда ж. б.*).

**КОРЕЯ'НКА** *женск. р. к* **коре́ец**; кореянка.

**КОРЖ** *м. обл.* нандын бир түрү.

**КО'РЖИК** *м. см.* **корж.**

**КОРЗИ'НА** *ж.* корзина, корзинке.

**КОРЗИ'НКА** *ж. разг. см.* **корзи́на.**

**КОРИДО'Р** *м.* коридор.

**КОРИДО'РНЫЙ,** -ая, -ое **1. коридор**-*го т.*; **коридо́рная дверь** коридор эшиги; **2.** *в знач. сущ. м.* коридорный (*гостиницада — бир катар номерди тейлеп туруучу адам*).

**КОРИ'НКА** *ж.* данексиз кичинекей майда кишмиш.

**КОРИ'ТЬ** *несов. кого, разг.* кекетүү, колко кылып кекетүү, жемелеп урушуу.

**КОРИФЕ'Й** *м.* корифей (**1.** *ист. байыркы грек трагедиясында хор жетекчиси*; **2.** *перен. илимдин же искусствонун эң көрүнүктүү ишмери*).

**КОРИ'ЦА** *ж.* корица (*кээ бир тропиктик жыгачтын кургатылган жыпар жыттуу кабыгы; бул — тамак үчүн колдонулат*).

**КОРИ'ЧНЕВЫЙ,** -ая, -ое күрөң.

**КО'РКА** *ж.* **1.** (*кожура*) кабык (*жемиштин*); **2.** (*хлеба*) кыртыш, сырт (*нандын ж. б.*); **3.** (*напр. на ране*) карт (*мис.*

www.bizdin.kg

*жаранын*); ◇ **прочита́ть кни́гу от ко́рки до ко́рки** *разг.* китепти баштан-аяк (бүт) окуп чыгуу.

**КО'РКОВЫЙ,** -ая, -ое: **ко́рковый слой мо́зга** мээнин кабыгы, үстүңкү бети.

**КОРМ** *м.* тоют (*малдын, айбандын*); **со́чные корма́** чыктуу тоюттар.

**КОРМА'** *ж. мор.* кеменин арткы бөлүгү.

**КОРМЁЖКА** *ж. разг.* тоюттандыруу, тоюттануу, тоют берүү, жем берүү, оттоо.

**КОРМИ'ЛЕЦ** *м.* багуучу (*иштеп азык табуучу, үй-бүлөнү багуучу адам*).

**КОРМИ'ЛИЦА** *ж.* 1. (*для грудного ребёнка*) эмчек эне (*башка бирөөнүн баласын эмизген аял*); 2. *женск. р. к* **корми́лец.**

**КОРМИ'ЛО** *ср.*: **стоя́ть у корми́ла правле́ния** башкарып туруу, бийлеп туруу, эки тизгин бир чылбыр колдо болуу.

**КОРМИ'ТЬ** *несов. кого* 1. (*питать*) тамактандыруу, тойгузуу, тамак берүү, ичирип жедирүү; эмизүү (*грудью*); 2. (*давать корм*) тоюттандыруу, тоюндуруу, тоют берүү, жем берүү (*айбанга*); 3. *перен.* (*содержать*) багуу, тоюттандыруу, тамактандыруу, азыктандыруу, азык таап берүү; **корми́ть всю семью́** бүт үй-бүлөнү багуу; ◇ **корми́ть обеща́ниями** *разг.* тил эмизүү; **соловья́ ба́снями не ко́рмят** *посл.* куру аякка бата жүрбөйт; булбулга жомок аш болбойт.

**КОРМИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*получать питание, корм*) тоюттануу, оттоо; тамак ичүү, тоюнуу, тамактануу, азыктануу; 2. *чем, перен.* (*жить чем-л.*) жан багуу; оокат кылуу; **корми́ться свои́м трудо́м** өз эмгеги менен оокат кылуу; 3. *страд. к* **корми́ть.**

**КОРМЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*животных*) тоюттандыруу, тоют берүү, жем берүү (*айбанга*); 2. тамактандыруу, тойгузуу, тамак берүү, багуу; эмизүү (*грудью*).

**КОРМОВО'Й** I, -а́я, -о́е: **кормовы́е тра́вы** тоют чөптөр; **кормова́я ба́за** тоют базасы.

**КОРМОВО'Й** II, -а́я, -о́е *мор.* кеменин арткы бөлүгүндөгү; **кормово́е весло́** кеменин арткы бөлүгүндөгү калак; **кормово́й ве́тер** кеменин арт жагынан соккон шамал.

**КОРМОДОБЫВА'НИЕ** *ср.* тоют даярдоо, тоют камдоо (*малга*).

**КОРМОПРИГОТОВЛЕ'НИЕ** *ср.* тоют камдоо, тоют даярдоо.

**КОРМУ'ШКА** *ж.* 1. *с.-х.* акыр (*мал үчүн*); 2. *перен. разг.* карынды кампайтуунун булагы.

**КО'РМЧИЙ** *м.* 1. *уст.* кемеде руль кармоочу адам; 2. *перен.* жетекчи, шыктандырып туруучу адам.

**КОРНА'ТЬ** *несов. кого-что, разг.* тыкыс кыркуу, түбүнө чейин жаман кыркуу, жаман алдыруу (*мис. чачты*).

**КОРНЕВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое тамыр сыяктуу, тамырга окшош.

**КОРНЕВИ'ЩЕ** *ср. бот.* 1. (*подземный стебель*) тамыр сабак (*көп жылдык өсүмдүктөрдүн тамыр менен бирге жердин астына кирип турган сабагы*); 2. (*основной корень*) жыгачтын негизги тамыры, жерден сыртка чыгып турган жоон тамыр, чоң тамыр.

**КОРНЕВО'Й,** -а́я, -о́е **корень** 1, 2, 3, 5-*ке т.*; **корнева́я часть сло́ва** *лингв.* сөздүн уңгу бөлүгү; **корневы́е ответвле́ния** тамырдын тармактары.

**КОРНЕЕ'Д** *м.* тамыр кемиргич (*кызылчанын зыянкечинин бир түрү*).

**КОРНЕНО'ЖКА** *ж. зоол.* корненожка (*бир клеткалуу жаныбарлардын бир түрү; булар денесиндеги урчуктар менен кыймылдашат*).

**КОРНЕПЛО'Д** *м.* тамыр жемиш (*тамыры жемиш өсүмдүк; мис. кызылча, сабиз ж. б.*).

**КОРНЕРЕ'ЗКА** *ж.* малга тоют боло турган картөшкө, кызылча сыяктуу нерселерди тууроочу машина.

**КОРНЕ'Т** I *м.* корнет (*үйлөмө музыкалык инструменттин бир түрү*).

**КОРНЕ'Т** II *м. воен. уст.* корнет (*падышалык армияда — аттуу аскерде биринчи офицердик чин*).

**КОРНИШО'Н** *м.* корнишон (*уксуска чыланып ачытылган майда бадырың*).

**КОРНОУ'ХИЙ,** -ая, -ое *разг.* чунак кулак (*мис. ит*).

**КО'РОБ** *м.* себет; ◇ **це́лый ко́роб** *разг.* абдан көп, эң көп; **наговори́ть с три ко́роба** *разг.* болор-болбос сөздү көп айтуу.

**КОРОБЕ'ЙНИК** *м. уст.* кыдырмачы соодагер.

**КОРО'БИТЬ** *несов.* 1. *что* (*кривить*) иймейтүү, ийрейтүү, чойройтуу, майрыйтуу, майыштыруу; 2. *кого, перен. разг.* жийиркентүү, кыжырды келтирүү; **меня́ коро́бит от его́ гру́бости** анын оройлугу (одонолугу) мени жийиркентет.

**КОРО'БИТЬСЯ** *несов.* иймейүү, ийрейүү, майрыюу, майышуу; **до́ски коро́бятся от сы́рости** тактайлар нымдуулуктан ийрейип калышат.

**КОРО'БКА** *ж.* коробка, куту; **коро́бка спи́чек** бир куту ширеңке; ◇ **черепна́я коро́бка** *анат.* мээ кутусу; **коро́бка переда́ч** *авт.* кыймыл берүү коробкасы.

**КОРОБО'К** *м.* 1. *уменьш. от* **ко́роб** себетче; 2. кичинекей коробка, кутуча.

**КОРО'БОЧКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **коро́бка** кичинекей коробка, кутуча; 2. *бот.* гозо (*хлопка*); кутуча (*өсүмдүктүн урук байлаган башынын кутусу; мис. апийимдин башы же пахтанын гозосу*).

**КОРО'ВА** *ж.* уй; **до́йная коро́ва** саан уй; **бодли́вая коро́ва** сүзөөнөк уй.

**КОРО'ВИЙ,** -ья, -ье **корова**-*га т.*; **коро́вье молоко́** уйдун сүтү.

**КОРО'ВКА** *ж. уменьш. от* **коро́ва** уй; ◇ **бо́жья коро́вка** *зоол.* эл кайда көчөт (*коңуз*).

**КОРО'ВНИК** *м.* уйкана, уй короо.

**КОРО'ВНИЦА** *ж.* уйду багуучу аял.

**КОРОВЯ'К** *м. бот.* аюу кулак (*өсүмдүк*).

**КОРОЕ'Д** *м. зоол.* кабык жегич (*жыгачтын кабыгында жана чуңкурунда жашоочу зыянкеч коңуз*).

**КОРОЛЕ'ВА** *ж.* королева (1. *кээ бир мамлекеттерде — жеке башкаруучу аялдын титулу*; 2. *королдун аялы*).

**КОРОЛЕ'ВИЧ** *м.* королдун уулу.

**КОРОЛЕ'ВНА** *ж.* королдун кызы.

**КОРОЛЕ'ВСКИЙ,** -ая, -ое **король** 1-*ге т.*; **короле́вский дворе́ц** падыша сарайы.

**КОРОЛЕ'ВСТВО** *ср.* королевство, падышалык (*жогорку бийлиги королго, падышага тийиштүү болгон мамлекет*).

**КОРОЛЁК** *м.* королёк (1. *зоол. чымчыктын бир түрү*; 2. *бот. апельсиндин бир сорту*).

**КОРО'ЛЬ** *м.* 1. король, падыша; 2. найза (*карта ойнунда*); **бубно́вый коро́ль** момундун найзасы; 3. *шахм.* король.

**КОРОМЫ'СЛО** *ср.* суу көтөргүч, суу илгич, апкыч; ◇ **дым коромы́слом** *разг.* уу-чуу, кыжы-кужу, чак-челекей, баш аламан.

**КОРО'НА** *ж.* 1. таажы (*падышанын*); 2. *перен.* падыша бийлиги; **борьба́ за коро́ну** падыша бийлиги үчүн күрөшүү; ◇ **со́лнечная коро́на** *астр.* күндүн таажысы.

**КОРОНА'ЦИЯ** *ж.* коронация (*такка отуруу, таажы кийүүнүн чиркөөлүк шаан-шөкөтү*).

**КОРО'НКА** *ж.* 1. *анат.* тиш кабы; 2. (*зуба*) коронка (*бузулган тишке кийгизип коё турган, дат баспас металлдан жасалган кеп*).

**КОРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **корона**-*га т.*; ◇ **коро́нная роль** *театр.* негизги (мыкты, башкы) роль.

**КОРОНОВА'НИЕ** *ср. см.* **корона́ция.**

**КОРОНО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое таажыдар.

**КОРОНОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого* жаңыдан падыша кылып, таажы кийгизип, такка отургузуу.

**КОРОНОВА'ТЬСЯ** *сов. и несов.* жаңыдан падыша кылып, таажы кийгизилип, такка отургузулуу.

**КОРО'СТА** *ж. мед.* ириңдүү карт, ириңдүү жара.

www.bizdin.kg

**КОРОСТЕ'ЛЬ** *м. зоол.* тартар (*куш*).

**КОРОТА'ТЬ** *несов. что, разг.* күн кечкиртүү, убакыт өткөрүү; **коротáть свой век** *или* **коротáть жизнь** эптеп-сеп-теп күн өткөрүү.

**КОРО'ТКИЙ,** -ая, -ое кыска; **корóткая волнá** *радио* кыска толкун; **корóткое замыкáние** *см.* **замыкáние;** ◇ **быть в корóтких отношéниях** *или* **быть на корóткой ногé** *с кем-л.* *бирөө менен* ылымы жакын болуу; **корóткая распрáва** созуп турбай эле жазасын берүү; **корóткая пáмять** унутчаактык.

**КО'РОТКО** *нареч.* 1. (*вкратце*) кыскача; **кóротко говоря́** кыскача айтканда; **кóротко и я́сно** кыска жана ачык; 2. (*близко*) жакын; **быть кóротко знакóмым** *с кем-л.* *бирөө менен* жакын тааныш болуу.

**КОРОТКОВО'ЛНОВЫЙ,** -ая, -ое *радио* кыска толкундуу (*кыска толкунга берилө турган радио*).

**КОРОТКОВОЛО'СЫЙ,** -ая, -ое кыска чачтуу, кыска кылдуу.

**КОРОТКОМЕТРА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое кыска метраждуу (*кыска ленталуу*); **короткометрáжный фильм** кыска метраждуу фильм.

**КОРОТКОНО'ГИЙ,** -ая, -ое кыска аяктуу, аягы кыска, кыска буттуу, буту кыска.

**КОРОТКОФО'КУСНЫЙ,** -ая, -ое *физ.* кыска фокустуу; **короткофóкусный объекти́в** кыска фокустуу объектив.

**КОРОТКОХВО'СТЫЙ,** -ая, -ое кыска куйруктуу, куйругу кыска.

**КОРОТКОШЕ'ИЙ,** -яя, -ее кыска моюндуу, мойну кыска.

**КОРОТКОШЁРСТЫЙ,** -ая, -ое кыска жүндүү, жүнү кыска.

**КОРОТЫ'Ш** *м. разг.* корто, кортогой, бакене.

**КОРОТЫ'ШКА** *м. и ж. см.* **короты́ш.**

**КОРО'ЧЕ** *сравн. ст. от прил.* **корóткий** *и нареч.* **кóротко** кыскараак, кыскача; ◇ **корóче говоря́** ошентип, кыскача айтканда; бир сөз менен айтканда.

**КО'РОЧКА** *ж. уменьш. от* **кóрка** 1 кабыкча, кичинекей (*жука*) кабык.

**КОРПЕ'ТЬ** *несов. над чем, за чем, разг.* кыбырап тынбай иштөө, баш көтөрбөй иштөө.

**КО'РПИЯ** *ж. уст.* корпия (*чүпүректүн жулуп алынган жиптери; мурунку кезде кебездин ордуна жумшалган*).

**КОРПОРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **корпорация**-*га т.*

**КОРПОРА'ЦИЯ** *ж.* корпорация (*көбүнчө кесиптештик таламдар негизинде түзүлгөн союз, бирикме, коом*).

**КО'РПУС** *м.* 1. (*туловище*) корпус (*адамдын, айбандын денеси, тула бою*); 2. *мор.* (*остов*) корпус (*кеменин, пароходдун тулкусу*); 3. (*здание*) корпус (*айрым турган имарат, үй*); **фабри́чный кóрпус** фабрика корпусу; 4. *воен.* корпус (*ири согуштук бирикме*); **кавалери́йский кóрпус** кавалериялык корпус; 5. *тех.* куту; **кóрпус карма́нных часóв** чөнтөк сааттын кутусу; 6. *ист.* корпус (*революцияга чейинки Россияда — кээ бир согуштук училищенин наамы*); **кадéтский кóрпус** кадет корпусу; 7. *полигр.* корпус (*орто чоңдуктагы шрифт, арип*); 8. *офиц.* корпус; **дипломати́ческий кóрпус** дипломатиялык корпус (*бир өкмөттүн алдындагы чет элдик посольстволордун жогорку кызмат адамдары*).

**КО'РПУСНЫЙ,** -ая, -ое **корпус** 4-*кө т.*; **кóрпусный командир** корпус командири.

**КОРРЕКТИ'В** *м.* корректив (*бир нерсеге чекене өзгөртүү киргизе турган түзөтүү*); **внести́ корректи́вы** корректив киргизүү.

**КОРРЕКТИ'РОВАНИЕ** *ср.* 1. (*чтение корректуры*) корректура окуу; 2. *воен.* коррективдөө, корректив берүү, корректив киргизүү.

**КОРРЕКТИ'РОВАТЬ** *несов. что* 1. (*читать корректуру*) корректура окуу; **корректи́ровать статью́** макаланын корректурасын окуу; 2. *воен.* коррективдөө, корректив берүү, корректив киргизүү (*түзөтүүлөр киргизүү, корректив кылуу; октун, снаряддын туура, так тийишин белгилөө, көрсөтүү*).

**КОРРЕКТИРО'ВЩИК** *м. воен.* корректировщик (*октун, снаряддын туура, так тийишин белгилеп туруучу*).

**КОРРЕ'КТНОСТЬ** *ж.* сыпайылык, сылыктык.

**КОРРЕ'КТНЫЙ,** -ая, -ое сыпайы, сылык.

**КОРРЕ'КТОР** *м.* корректор (*корректураны окуп, терүүдөн кеткен катаны түзөтүүчү кызматкер*).

**КОРРЕ'КТОРСКИЙ,** -ая, -ое **корректор**-*го т.*; корректордук; **коррéкторская оши́бка** корректордон кеткен ката.

**КОРРЕКТУ'РА** *ж.* 1. корректура (*типографияда терүүдөн кеткен каталарды оңдоо, түзөтүү*); 2. корректура (*ичинде болгон катасын түзөтүү үчүн кагазга басылып алынган текст*); **читáть корректýру** корректура окуу.

**КОРРЕКТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **корректура**-*га т.*; корректуралык; **корректýрная рабóта** корректура иши; **корректýрные знáки** корректура белгилери.

**КОРРЕ'КЦИЯ** *ж.* коррекция (*көздүн бузулушун көз айнек менен түзөө*).

**КОРРЕЛЯТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **корреляция**-*га т.*; коррелятивдүү (*туура келүүчү, дал келүүчү; өз ара байланыштуу*); **коррелятúвные поня́тия** коррелятивдүү түшүнүктөр.

**КОРРЕЛЯ'ТЫ** *мн. филос.* коррелятор (*бир-бирине туура келген түшүнүктөр*).

**КОРРЕЛЯ'ЦИЯ** *ж. филос.* корреляция (*бир-бири менен салыштырылган түшүнүктөрдүн өз ара байланышы; бир-бирине көз каранды болгон кубулуштардын өз ара байланышы*).

**КОРРЕСПОНДЕ'НТ** *м.* 1. корреспондент, кабарчы (*газетанын же журналдын кабарчысы — жер-жерлерден кабар жиберип туруучу кызматкери*); **корреспондéнт газéты** газетанын корреспонденти; **специáльный корреспондéнт** атайын кабарчы; 2. (*переписывающийся с кем-л.*) корреспондент (*бирөө менен дайыма же көпкө чейин кат жазышып жүргөн адам*); ◇ **член-корреспондéнт Акадéмии наýк СССР** СССР Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти.

**КОРРЕСПОНДЕ'НТСКИЙ,** -ая, -ое **корреспондент**-*ке т.*; корреспонденттик.

**КОРРЕСПОНДЕ'НЦИЯ** *ж.* корреспонденция (1. *жер-жерлерден жиберилип, газета же журналга басылып чыккан кабар*; 2. *собир. почта аркылуу жиберилген газета, журнал, кат сыяктуу нерселердин жыйындысы*; 3. *айрым адамдар же мекемелер ортосундагы кагаз жазышуулар*).

**КОРРЕСПОНДИ'РОВАТЬ** *несов.* корреспонденция жиберүү, кабар жиберүү (*газетага, журналга*).

**КОРРОЗИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **коррозия**-*га т.*

**КОРРО'ЗИЯ** *ж.* коррозия (1. *мед. жаранын пайда болушунан же күйдүргүч заттын таасиринен дене тканынын бузулушу*; 2. *геол. суунун, абанын таасири астында тоо тектеринин кыйрашы, талкаланышы*; 3. *хим. металлдардын химиялык себептерден бузулушу*).

**КОРРУ'ПЦИЯ** *ж.* коррупция (*парага, акчага сатылуучулук; капиталисттик өлкөлөрдө — коомдук жана саясий ишмерлерди, мамлекеттик чиновниктерди жана кызмат адамдарын пара берип сатып алуучулук жана алардын парага, акчага сатылып кетүүчүлүгү*).

**КОРСА'Ж** *м.* корсаж (1. *аялдын көйнөгүнүн көкүрөк жагы*; 2. *юбканын жазы куру*).

**КОРСА'К** *м.* (*род лисицы*) карсак.

**КОРСА'Р** *м. ист.* корсар (*деңиз каракчысы*).

**КОРСЕ'Т** *м.* корсет (1. *көөдөндү сындуу кылуу үчүн кийилүүчү кеп*; 2. *мед. кыйшык көөдөндү түз кылуу үчүн же ого бетер кыйшайып кетпес үчүн кийилүүчү кеп*).

**КОРТ** *м. спорт.* корт (*теннис ойнолуучу аянтча*).

**КОРТЕ'Ж** *м. уст.* шаан-шөкөттүү жүрүш, кубанычтуу жүрүш (*мис. кыз бергенде, келин алганда*).

**КО'РТИК** *м.* кортик (*согуш деңиз офицерлеринин жана лётчиктердин ичке канжары*).

www.bizdin.kg

**КО'РТОЧКИ** *только мн.*: **сидеть на корточках** чөк түшүп олтуруу; **опуститься на корточки** чочоюп отуруу.
**КОРУ'НД** *м. мин.* корунд (*катуу минералдын бир түрү*).
**КОРЧА'ГА** *ж. обл.* чоң карапа кумура.
**КОРЧЕВА'НИЕ** *ср.* жыгачтын дүмүрүн жерден казып чыгаруу (*жулуп таштоо*).
**КОРЧЕВА'ТЬ** *несов. что* жыгачтын дүмүрүн жерден казып чыгаруу (*жулуп таштоо*).
**КО'РЧИ** *мн.* (*ед.* **корча** *ж.*) тарамыш карышуу, тамыр карышуу.
**КО'РЧИТЬ** *несов. кого-что* **1.** *безл.* тырыштырып карыштыруу; **2.** *перен. разг.* ...көрсөтүү, ...синүү, -ып калуу; **корчить из себя знатока** билимдүүсүнүү, өзүн билимдүү кылып көрсөтүү; ◇ **корчить рожи** *или* **корчить гримасы** *или* **корчить мину** *разг.* бетти-башты жыйруу, бетти-башты бырыштыруу.
**КО'РЧИТЬСЯ** *несов.* жыйрылып тырышуу; **корчиться от боли** ооруга чыдабай жыйрылып тырышуу.
**КОРЧМА'** *ж. уст.* корчма (*Белоруссияда, Украинада — ичкилиги да бар бекет, сарай*).
**КО'РШУН** *м.* айры куйрук (*куш*).
**КОРЫ'СТНЫЙ**, -ая, -ое **1.** керт башынын пайдасын ойлогон; **2.** *см.* **корыстолюбивый**.
**КОРЫСТОЛЮБИ'ВЫЙ**, -ая, -ое ач көз, дүйнөкор, дүйнөгө көзү тойбогон.
**КОРЫСТОЛЮ'БИЕ** *ср.* ач көздүүлүк, дүйнөкордук.
**КОРЫ'СТЬ** *ж. разг.* **1.** (*выгода*) керт баш үчүн материалдык пайда; **2.** *см.* **корыстолюбие**.
**КОРЫ'ТО** *ср.* тепши, дагара; ◇ **остаться у разбитого корыта** *погов.* баягы эле таз кейпин кийип калуу.
**КОРЫ'ТЦЕ** *ср. уменьш. от* **корыто** тепшиче, кичине тепши, кичине дагара.
**КОРЬ** *ж. мед.* кызылча (*балдардын жугуштуу оорусу*).
**КОРЬЁ** *ср.* жылачтан сыйрылган кабык.
**КО'РЮШКА** *ж.* корюшка (*деңиздеги майда балыктын бир түрү*).
**КОРЯ'ВЫЙ**, -ая, -ое **1.** *разг.* (*искривлённый*) одур-будур, ийри-муйру; **2.** *обл.* (*рябой*) чаар (*мис. бет*); **3.** *перен. разг.* кооз эмес, олдоксон, одоно (*мис. стиль*).
**КОРЯ'ГА** *ж.* суута чөккөн бутактуу жыгач.
**КОРЯ'К** *м.* коряк.
**КОРЯ'КИ** *мн.* коряктар.
**КОРЯ'КСКИЙ**, -ая, -ое **коряк-ка** *т.*; **корякский язык** коряк тили.
**КОСА'** I *ж.* өрүлгөн чач; **заплести две косы** чачты эки өрүм кылып өрүү.
**КОСА'** II *ж. с.-х.* чалгы; ◇ **нашла коса на камень** *погов.* тумшугу ташка тийди; тишине таш тийди.
**КОСА'** III *ж. геогр.* деңиздин (көлдүн) жээгиндеги сүйрү саяң жер.
**КОСА'РЬ** I *м. см.* **косец**.
**КОСА'РЬ** II *м.* (*нож*) бычак, чоң бычак, кыңырак.
**КОСА'Ч** *м.* (*тетерев*) каракурдун корозу.
**КО'СВЕННО** *нареч.* жандатып, бир жагынан; **косвенно намекнуть** жандатып четин чыгарып айтуу; **это распоряжение косвенно касается и нас** бул буйрук бир жагынан бизге да тиешелүү.
**КО'СВЕННЫЙ**, -ая, -ое кыйыр, кайчылаш; ◇ **косвенный налог** *эк.* кыйыр налог; **косвенный вопрос** *грам.* кыйыр суроо.
**КОСЕ'КАНС** *м. мат.* косеканс (*тригонометрияда кошумча бурчтун секансы*).
**КОСЕ'Ц** *м.* чөптү, эгинди чабуучу адам.
**КОСИ'ЛКА** *ж.* косилка (*чөп чабуучу машина*).
**КО'СИНУС** *м. мат.* косинус (*тригонометрияда кошумча бурчтун синусу*).
**КОСИ'ТЬ** I *несов.* **1.** *что, с.-х.* чөп (эгин) чабуу; **2.** *перен.* (*об эпидемии*) кыйратуу, кырып кетүү (*мис. жугуштуу оору*).
**КОСИ'ТЬ** II *несов.* **1.** *что, чем* (*делать кривым*) кыйшайтуу, чалырайтуу; **косить глазами** көздүн кыйыгы менен кароо; **2.** (*быть косым*) кыйшаюу, чалыраюу; **у него глаза немного косят** анын көзү бир аз кыйшык, анын көзү бир аз чалыр, анын көзүнүн бир аз чалыры бар.
**КОСИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*косо смотреть*) кыйгач кароо; **2.** *перен.* (*неодобрительно относиться*) чалыраюу (*жактырбоо*).
**КОСИ'ЦА** *ж.* өрүлгөн чач.
**КОСИ'ЧКА** *ж. уменьш.-ласк. от* **коса** I кичинекей өрүлгөн чач, саамай.
**КОСМА'ТЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*с длинной густой шерстью*) жүндүү, саксайган, барак; **2.** (*о волосах*) уйпаланган, саксайган (*чач же кыл*).
**КОСМЕ'ТИКА** *ж.* **1.** косметика (*денени, бетти жасалма түрдө кооздоо*); **лечебная косметика** дарылоо косметикасы; **кабинет косметики** косметика кабинети; **2.** *ссбир.* косметика (*ушундай кооздоого керектүү заттар, нерселер: бет май, упа-эндик ж. б.*).
**КОСМЕТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **косметика-га** *т.*; косметикалык; **косметические средства** косметикалык заттар (*бет май, упа-эндик ж. б.*).
**КОСМИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **космос-ко** *т.*; космостук; **космические лучи** космостук нурлар (*ааламдан бизге түшүүчү айрыкча нурлар*).
**КОСМОГОНИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое космогониялык; **космогоническая гипотеза** космогониялык гипотеза.
**КОСМОГО'НИЯ** *ж.* космогония (*дүйнөнүн, ааламдын, айрыкча күн системасынын жаратылышы жөнүндөгү илим*).
**КОСМОГРА'ФИЯ** *ж.* космография (*астрономия жана физикалык география тууралу жалпы маалымат*).
**КОСМОЛО'ГИЯ** *ж. филос.* космология (*бүткүл дүйнө, ааламдын түзүлүшү тууралу илим*).
**КОСМОПОЛИ'Т** *м.* космополит.
**КОСМОПОЛИТИ'ЗМ** *м.* космополитизм.
**КОСМОПОЛИТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **космополитизм-ге** *т.*; космополиттик.
**КО'СМОС** *м. филос.* бүт дүйнө, аалам.
**КО'СМЫ** *мн. прост.* саксайган чач (*аялдын чачы*).
**КОСНЕ'ТЬ** *несов.* **1.** *в чём* өзгөрбөө, бир жерде катып калуу, көнгөн нерсени жактоо, эч бир жаңылыкты кабыл кылбоо, эскиликти бекем кармоо; **2.** (*терять гибкость*) колдоюп калуу; **язык коснеет** тил колдоёт.
**КО'СНОСТЬ** *ж.* жаңы нерсени кабыл албоочулук, эскиликти бекем кармоочулук; акыл эс, үрп-адат жагынан бир жерде каткандык.
**КОСНОЯЗЫ'ЧИЕ** *ср.* сакоолук, кекечтик.
**КОСНОЯЗЫ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое сакоо, кекеч.
**КОСНУ'ТЬСЯ** *сов. см.* **касаться**.
**КО'СНЫЙ**, -ая, -ое эски бойдон катып калган, кыймылсыз, жаңылыктарды кабыл кылуу ийкеминен ажыраган.
**КО'СО** *нареч.* **1.** кыйшык, кыйшайып, кыйшайтып; **2.** *перен.* (*недружелюбно*) чалырайып; жактырбай.
**КОСОБО'КИЙ**, -ая, -ое бир жагына кыйшык.
**КОСОВИ'ЦА** *ж.* чөп чабуу маалы, чөп чабыңы кези.
**КОСОВИ'ЩЕ** *ср.* чалгынын сабы.
**КОСОВОРО'ТКА** *ж.* эркектин тик жакалуу сырт көйнөгү (*жакасы кыйгач топчуланат*).
**КОСОГЛА'ЗИЕ** *ср.* кылый көздүүлүк, чалыр көздүүлүк.
**КОСОГЛА'ЗЫЙ**, -ая, -ое кылый көздүү, чалыр көздүү.
**КОСОГО'Р** *м.* кыя (*жер*); жантайма.
**КОСО'Й** I, -ая, -ое **1.** (*наклонный*) жантык; **косые лучи** жантык түшкөн нурлар; **косой дождь** чаба жааган жамгыр; **2.** (*кривой*) кыйшык, ийри (*мис. рама*); **3.** (*косоглазый*) чалыр көздүү, кылый көздүү (*адам*); ◇ **косой взгляд** жактырбаган (кыңыр) көз караш; **косой угол** *мат.* кыйгач бурч; **косая сажень в плечах** далылуу каркайган киши.
**КОСО'Й** II *м. разг.* (*заяц*) коён.

www.bizdin.kg

**КОСОЛА'ПЫЙ,** -ая, -ое 1. маймак; **косолапый медведь** маймак аюу; 2. *перен. разг.* (*неуклюжий*) копол, ийкемсиз, колдогой.

**КОСОУГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *мат.* кыйгач бурчтуу; **косоугольный треугольник** кыйгач бурчтуу үч бурчтук.

**КОСТЁЛ** *м.* костёл (*поляктардын католиктик чиркөөсү*).

**КОСТЕНЕ'ТЬ** *несов.* сенек болуп катып калуу, зыңкыйып катып калуу (*мис. өлүк, үшүгөн кол*).

**КОСТЁР** *м.* костёр (*жерге отун үйүп, шоолдотуп жагылган от*).

**КОСТИ'СТЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о рыбе и т. п.*) көп сөөктүү, кылкандуу (*мис. балык*); 2. каржайган арык; **костистые руки** каржайган кол; сөөк кол

**КОСТЛЯ'ВОСТЬ** *ж.* абдан арыктык, каржайган арыктык.

**КОСТЛЯ'ВЫЙ,** -ая, -ое каржайган арык, сөөк, сөөгү аркайган; **костлявые руки** сөөк кол.

**КО'СТНЫЙ,** -ая, -ое **кость** 1-*ге т.*; сөөктүн ичиндеги, сөөктөгү; **костный туберкулёз** *мед.* сөөк туберкулёзу; **костный мозг** чучук.

**КОСТОЕ'ДА** *ж. мед.* сөөк ооруп жана чирип турган оорунун бир түрү.

**КОСТОПРА'В** *м. разг.* сөөк таңгыч; чыккан *же* сынган сөөктү ордуна сала турган, таңа турган адам.

**КО'СТОЧКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **кость** I сөөкчө, кичинекей сөөк; 2. (*плода*) данек (*мис. өрүктүн*); 3. (*на счётах*) эсеп чоттун тегерек жыгачы; ◇ **перемывать косточки** *разг.* майда-чүйдө ушак жүргүзүү.

**КОСТРА'** *ж.* костра (*кара куурай менен зыгырдын тополоңу*).

**КОСТРЕ'Ц** *м.* 1. *анат.* куймулчак сөөгүнүн учу; 2. (*сорт мяса*) жамбаш эт.

**КОСТРИ'КА** *ж. обл. см.* **костра.**

**КОСТЫ'ЛЬ** *м.* 1. (*палка*) балдак; 2. (*гвоздь*) чоң мыктын бир түрү.

**КОСТЬ** *ж.* 1. сөөк; **лучевая кость** каржиликтин укуругу; **локтевая кость** чыканак сөөгү; **рыбья кость** балык сөөгү, балык кылканы; **резьба по кости** сөөккө түшүрүлгөн оймо; 2. (*игральная*) сөөкчө (*кумар ойнунда колдонулуучу, белгилери бар, төрт кырдуу сөөкчө*); ◇ **слоновая кость** пилдин сөөгү (*пилдин азуусу*); **промокнуть до костей** суу өтмө катардан өтүү; **пересчитать кости** *разг.* жанчып салуу, аябай тепкилеп салуу, көгала койдой союу; **лечь костьми** согушта өлүү; **до мозга костей** *см.* **мозг.**

**КОСТЮ'М** *м.* костюм (1. *эркектин сырт кийиминин толук комплекти: бешмант, шым, желетке*; 2. *аялдын сырт кийими: бешмант жана юбка*; 3. *маскараддык же театрдык кийим*).

**КОСТЮМЕ'Р** *м. театр.* костюмер (*театрда кийимди тейлөөчү адам*).

**КОСТЮМЕ'РНАЯ** *ж. театр.* костюмерная (*театрда артисттер кие турган кийим турууучу үй*).

**КОСТЮМИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **костюмировать**; 2. *прил.* маскарад костюмун кийген; **костюмированный вечер** катышуучулары маскарад костюмун кийген зоок кечеси.

**КОСТЮМИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* театрдык *же* маскараддык костюм кийгизүү.

**КОСТЮМИРОВА'ТЬСЯ** *сов. и несов.* театрдык *же* маскараддык костюм кийүү.

**КОСТЮ'МНЫЙ,** -ая, -ое **костюм**-*го т.*; костюмдук; **костюмная ткань** костюмдук кездеме.

**КОСТЯ'К** *м.* 1. устукан-сөөк, сөөк-саак; 2. *перен.* негиз, уютку (*мис. кадрлардын мыктысы, эң керектүүсү*).

**КОСТЯНИ'КА** *ж. бот.* кожогат.

**КОСТЯНО'Й,** -ая, -ое **кость** 1-*ге т.*; **костяная мука** сөөк уну (*жер семирткичтин бир түрү*); **костяной нож** сөөк бычак.

**КОСТЯ'ШКА** *ж. разг.* 1. сөөктүн сыныгы, майда сөөк; 2. *см.* **косточка** 3.

**КОСУ'ЛЯ** *ж. зоол.* элик.

**КОСЫ'НКА** *ж.* косынка (*башка сала турган кичине жоолук*).

**КОСЬБА'** *ж.* чалгы чабуу, чөп чабуу.

**КОСЯ'К** I *м.* (*брус*) кашек (*эшиктин, терезенин*).

**КОСЯ'К** II *м.* 1. (*гурт кобылиц*) үйүр (*жылкынын*); 2. (*стая птиц, рыб*) топ-топ болуп жүргөн канаттуулар *же* балык.

**КОТ** *м.* эркек мышык; ◇ **кот наплакал** *разг.* эң эле аз; жокко эсе.

**КОТА'НГЕНС** *м. мат.* котангенс (*тригонометриядa кошумча бурчтун тангенси*).

**КОТЁЛ** *м.* казан; **чугунный котёл** чоюн казан; **паровой котёл** буу казаны; ◇ **общий котёл** 1) (*питание из общей кухни*) бир казандан тамак ичүү; 2) (*совместное пользование чем-л.*) чогуу пайдалануу.

**КОТЕЛО'К** *м.* 1. казанча, кичине казан, жан казан; 2. (*солдатский*) котелок (*аскерлер ысык тамак куюп ала турган кичинекей калай чака*); 3. (*шляпа*) котелок (*эркектин баш кийиминин бир түрү*).

**КОТЕ'ЛЬНАЯ** *ж.* ичинде казандар турган үй.

**КОТЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **котёл**-*го т.*; **котельный завод** казан жасоочу завод; **котельное желёзо** казан жасала турган темир.

**КОТЕ'ЛЬЩИК** *м.* казанчы (*казан жасоочу мастер*).

**КОТЁНОК** *м.* (*мн.* **котята**) мышыктын баласы.

**КО'ТИК** *м.* 1. *уменьш.-ласк. от* **кот** кичинекей эркек мышык; 2. *зоол.* деңиз мышыгы (*деңизде жүрүүчү сүт эмүүчү териси баалуу жаныбар*); 3. деңиз мышыгынын териси; **воротник из котика** деңиз мышыгынын терисинен жасалган (тигилген) жака.

**КО'ТИКОВЫЙ,** -ая, -ое **котик** 2, 3-*кө т.*; **котиковый воротник** деңиз мышыгынын терисинен жасалган (тигилген)жака.

**КОТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, фин.* котировкалоо (*биржада баалуу кагаздардын, чет мамлекеттик валюталардын, товарлардын баасын, курсун белгилөө*).

**КОТИ'РОВАТЬСЯ** *несов.* 1. *фин.* котировкалануу (*биржада валютанын, баалуу кагаздардын ж. б. айланышы*); 2. *фин.* бааланууу, баалуу деп эсептелүү; 3. *перен.* бааланууу, баалуу деп эсептелүү (*коомдун көз алдында, белгилүү бир топтун көз алдында бааланууу, чоң же кичине кадырга ээ болуу*); 4. *страд. к* **котировать.**

**КОТИРО'ВКА** *ж. фин.* котировка, котировкалоо.

**КОТИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **котировка**-*га т.*

**КОТИ'ТЬСЯ** *несов.* мышыктын туушу (*о кошке*); төлдөө (*об овце*).

**КОТЛЕ'ТА** *ж.* котлета (*эттен жасалган тамактын бир түрү*).

**КОТЛОВА'Н** *м.* котлован (*үйдүн, курулуштун негизин салуу үчүн казылган чоң чуңкур, аң*).

**КОТЛОВИ'НА** *ж.* котловина (*абдан чоң чуңкур болуп, ой болуп калган жер*).

**КОТО'МКА** *ж.* баштык, калта.

**КОТО'РЫЙ,** -ая, -ое *мест.* 1. *вопр.* (*по порядку*) нечеңчи, канчанчы; 2. *вопр.* (*какой именно*) кайсы, кайсынысы; 3. *относ.* -ган; **дом, в котором жил мой знакомый** таанышым турган үй; 4. *неопр. разг.* (*не раз*) көп ирет, бир нече жолу, нечен жолу, нечен ирет; **который раз я тебе это говорю** муну сага мен нече мертебе айтып жатам.

**КОТТЕ'ДЖ** *м.* коттедж (*шаардын четине салынган кичине үй*).

**КО'ФЕ** *м. нескл.* 1. (*зёрна*) кофе (*кофе жасалуучу дан*); **ячменный кофе** арпа кофе; 2. (*напиток*) кофе (*кофеден жасалган ичимдик*); **кофе с молоком** сүт куюлган кофе; **натуральный кофе** чыныгы кофе.

**КОФЕ'ЙНИК** *м.* кофейник (*кофе кайната турган идиш*).

**КОФЕ'ЙНИЦА** *ж.* кофейница (1. *кофе данын талкалай турган жаргылчак*; 2. *кофе салып коюлуучу куту*).

www.bizdin.kg

**КОФЕ́ЙНЫЙ**, -ая, -ое **1.** **кофе**-*ге т.*; **кофе́йное де́рево** кофе жыгачы; **2.** (*о цвете*) кофе түстүү; күрөң; **ту́фли кофе́йного цве́та** кофе түстүү туфли; ◇ **гада́ть на кофе́йной гу́ще** курулай төлгө салуу (*эч фактыга негиздебестен ой жоруй берүү*).

**КОФЕ́ЙНЯ** *ж. уст.* кофейня (*кишилер кофе иче турган орун, жай; чайкана сыяктуу*).

**КО́ФТА** *ж.* кофта (*аялдын костюмунун жогорку бөлүгү*).

**КО́ФТОЧКА** *ж.* кофточка (*жука кездемеден тигилген кофта*); **шёлковая ко́фточка** жибек кофточка.

**КОЧА́Н** *м.* капустанын башы.

**КОЧА́ННЫЙ**, -ая, -ое **коча́н**-*га т.*; **коча́нная капу́ста** тоголок капуста.

**КОЧЕВА́ТЬ** *несов.* **1.** көчүү, көчүп жүрүү; **2.** *перен.* бир жерден экинчи жерге баруу.

**КОЧЁВКА** *ж.* **1.** (*действие*) көчүү, көчүп жүрүү; **2.** (*стоянка*) конуш; **3.** *перен.* көч.

**КОЧЕ́ВНИК** *м.* көчмөн, көчмөнчү.

**КОЧЕВО́Й**, -а́я, -о́е көчмөн; **кочевы́е племена́** көчмөн уруктар.

**КОЧЕ́ВЬЕ** *ср.* **1.** (*местность*) көчүп-конуп жүргөн жерлер, жайлоо; **2.** (*стоянка*) конуш.

**КОЧЕГА́Р** *м.* кочегар (*буу менен жүрүүчү машиналарга от жагуучу жумушчу*); **паро́вoзный кочега́р** паровоз кочегары.

**КОЧЕГА́РКА** *ж.* кочегарка (*буу казандарына от жагыла турган үй*).

**КОЧЕНЕ́ТЬ** *несов.* үшүп, кыймылга келбейката баштоо, сенек боло баштоо.

**КОЧЕРГА́** *ж.* көсөө (*отту көсөй турган көсөө*).

**КОЧЕРЫ́ЖКА** *ж.* капустанын катуу өзөгү.

**КО́ЧКА** *ж.* саздуу жердеги өңгүл-дөңгүл.

**КОЧКОВА́ТЫЙ**, -ая, -ое өңгүл-дөңгүлдүү.

**КОША́РА** *ж.* кой короо.

**КОША́ЧИЙ**, -ья, -ье **кошка** I-*ге т.*; **коша́чья шку́ра** мышыктын териси; **коша́чий конце́рт** 1) мышыктардын чуулдаганы; 2) *перен.* баш аламан чуулдоо, баш аламан кыйкыруу.

**КОШЕЛЁК** *м.* намыян, капчык.

**КОШЁЛКА** *ж. разг.* капчык, сомке (*аны-муну салынуучу баштык*).

**КОШЕ́ЛЬ** *м. уст. см.* **кошелёк.**

**КОШЕНИ́ЛЬ** *ж.* кошениль (**1.** *кызыл боёк*; **2.** *денесинен боёк чыга турган курт-кумурска*).

**КО́ШКА** I *ж.* (*животное*) мышык; ◇ **ме́жду ни́ми чёрная ко́шка пробежа́ла** экөөнүн оту күйүшпөй калган (*экөөнүн мамилеси суун калган*); **ко́шки на се́рдце скребу́т** жүрөктү мышык тырмалагандай (*бушайман болуп*); **зна́ет ко́шка чьё мя́со съе́ла** *погов.* мышык кимдин этин уурдаганын өзү билет.

**КО́ШКА** II *ж.* кошка (**1.** *муздун үстүнөн жүрүүгө, жылбышкак бийик нерсеге чыгууга арналган таманы учтуу жоон мыктар кагылган бут кийим*; **2.** *тех. жыгач столбого чыгуу үчүн бутка кийилүүчү орок сыяктуу аспап*; **3.** *тех. бир нерсени илип алуу үчүн өндүрүштө колдонулуучу ар түрдүү илмектердин аты*).

**КО́ШКА** III *ж. уст.* (*ремённая плеть*) шапалак (*бир нече кайыштын учу бириктирилип жасалган шапалак*).

**КОШМА́** *ж.* кийиз.

**КОШМА́Р** *м.* **1.** коркунучтуу жаман түш; **2.** *перен.* эң оор, өтө жаман, азап, эң жаман.

**КОШМА́РНЫЙ**, -ая, -ое **1.** түш көрүп, жаман уктоо; тынчсыз; **кошма́рный сон** коркунучтуу түш көрүп, кыйналып уктоо; **2.** *перен. разг.* эң оор, азаптуу, өтө жаман, эң жаман.

**кошу́** I, **ко́сишь** *и. т. д. наст. вр. от* **коси́ть** I.

**кошу́** II, **коси́шь** *и т. д. наст. вр. от* **коси́ть** II.

**кошу́сь, коси́шься** *и т. д. наст. вр. от* **коси́ться.**

**КОЩЕ́Й** *м.* кощей (**1.** *фольк. орустун элдик жомоктарында — түбөлүк кенчке ээ болгон жана узакка жашоо сырын билүүчү адам*; **2.** *перен. кыржыйган арык киши*).

**КОЩУ́НСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *рел.* биреөнүн динин, диний үрп-адаттарын шылдыңдаган, маскаралаган; **2.** *перен.* биреөнүн кадырлаган нерсесин кордогон, маскаралаган.

**КОЩУ́НСТВО** *ср.* **1.** *рел.* биреөнүн динин, диний үрп-адаттарын шылдыңдоочулук, маскаралоочулук; **2.** *перен.* биреөнүн кадырлаган нерсесин кордоочулук, маскаралоочулук.

**КОЩУ́НСТВОВАТЬ** *несов.* кадырланган нерсени маскаралоо (*үрп-адатты ж. б.*).

**КОЭФФИЦИЕ́НТ** *м.* **1.** *мат.* коэффициент (*алгебралык туюнтмадагы сандуу же бөтөнчө ариптүү көбөйтүүчү*); **2.** *физ.* коэффициент (*физикалык нерсенин, телонун касиетин аныктай турган сан*); **коэффицие́нт поле́зного де́йствия** пайдалуу аракеттин коэффициенти (*жумшалган энергиянын кайсы бөлүгү пайдалуу ишке айланганын көрсөтүүчү сан*).

**КО́Я** *мест. женск. р. к* **кой.**

**КПСС** (Коммунисти́ческая па́ртия Сове́тского Сою́за) КПСС (Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясы).

**КРАБ** *м.* краб (*деңизде жүрүүчү чаяндын бир түрү*).

**КРА́ВЧИЙ** *м. ист.* кравчий (*москвалык падышалардын тамак-ашын башкаруучу бояр*).

**КРА́ГИ** *мн.* (*ед.* **кра́га** *ж.*) краги (**1.** *балтырга кийип алуу үчүн булгаарыдан жасалган башсыз конч*; **2.** *жең кап*).

**КРА́ДЕНОЕ** *ср. см.* **кра́деный** 2.

**КРА́ДЕНЫЙ**, -ая, -ое **1.** уурдалган; **кра́деная ло́шадь** уурдалган ат; **2.** *в знач. сущ. ср.* уурдалган нерселер, уурдалган буюмдар.

**КРА́ДУЧИСЬ** *разг.* **1.** *деепричь от* **кра́сться** жашырынып, жашырынып келип (барып); **2.** *нареч.* (*тайком*) жашырын түрдө.

**КРАЕВЕ́Д** *м.* краевед (*өлкөнү, крайды окуучу, текшерүүчү, үйрөнүүчү адам*).

**КРАЕВЕ́ДЕНИЕ** *ср.* краеведение, өлкө таануу (*кандайдыр бир өлкөнүн, крайдын табийгатын, экономикасын, тарыхтык-материалдык маданиятын текшерүү, үйрөнүү, окуу*).

**КРАЕВЕ́ДЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **краеведение**-*ге т.*; **краеве́дческий музе́й** краеведение музейи.

**КРАЕВО́Й**, -а́я, -о́е **край** 4-*гө т.*; крайлык; **краево́й о́рган** крайлык орган; **краево́й комите́т КПСС** КПСС-тин крайлык комитети.

**КРАЕУГО́ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое эң керектүү, эң маанилүү, негизги; ◇ **краеуго́льный ка́мень** негиз, негизги идея.

**КРА́ЕШЕК** *м. уменьш. от* **край** 1 чет; чет жагы; **сесть на кра́ешек сту́ла** орундуктун бир четине отуруу.

**КРА́ЖА** *ж.* уурдоо.

**КРАЙ** *м.* **1.** чет, кыры, учу; **край стола́** столдун чети; **2.** эрдөө; **нали́ть стака́н до краёв** стакандын эрдөөсүнө чыгара куюу; **3.** (*страна, местность*) өлкө; **4.** (*административно-территориальная единица*) край; **5.** (*сорт мяса*) карчыга; **то́нкий край** карчыганын бүлкүлдөгү; **то́лстый край** омуртканын эти; ◇ **край све́та** *разг.* дүйнөнүн бир чети, эң эле ыраак жер; **слы́шать кра́ем у́ха** *разг.* чала-чарпыт угуу; **хвати́ть че́рез край** *разг.* бир нерсени ыксыз ашыра айтып жиберүү, апыртып жиберүү, ашырып жиберүү; **на краю́ ги́бели** өтө коркунучтуу абалда; **из кра́я в край** бир башынан экинчи башына чейин, бардык жерде; **конца́ кра́ю нет** учу-кыйры билинбейт; **моя́ ха́та с кра́ю, ничего́ не зна́ю** *погов.* «менин ишим эмес» деп, бир нерсеге катышуудан баш тартуу.

**КРА́ЙНЕ** *нареч.* өтө, эң эле; **э́то кра́йне необходи́мо** бул өтө зарыл.

**КРА́ЙНИЙ**, -яя, -ее **1.** (*находящийся на краю*) четки, четтеги; **2.** (*отдалённый*) ыраакы, ыраактагы; **Кра́йний Се́вер** Ыраакы Түндүк; **3.** *перен.* (*предельный*) эң чоң, аябаган, өтө эле; **кра́йняя нужда́** өтө эле муктаждык; **4.**

www.bizdin.kg


(*решительный*) эң чечкиндүү, эң катуу; **кра́йние ме́ры** эң чечкиндүү чаралар; 5. *полит.* барып турган, абдан, эң эле, өтө (*саясий группировкалар тууралу*); **кра́йний реакционе́р** барып турган (абдан) реакциячыл; ◇ **кра́йний срок** эң акыркы срок (мөөнөт); **кра́йняя цена́ — сто рубле́й** болор жери — жүз сом; **в кра́йнем слу́чае** дегеле болбогондо, эң акыркы чара катарында; **по кра́йней ме́ре** эч болбогондо, эң кур дегенде.

**КРА'ЙНОСТЬ** *ж.* 1. (*крайняя степень*) акыркы чек, соңку чек, эң кийинки чек; **впада́ть в кра́йность** ыгы жок чектен чыгып кетүү, чектен чыгуу; 2. (*нужда, трудное положение*) оор абал; аргасыз, айласыз акыбал; ◇ **до кра́йности** *разг.* эң эле, жогорку даражада; **в кра́йности** *разг.* эң жок дегенде, эң болбогондо.

**КРАКОВЯ'К** *м.* краковяк (*поляктардын улуттук танеци, бийи*).

**КРАМО'ЛА** *ж. уст.* козголоң (*революцияга чейин — жандармдар жана падыша чиновниктеринин тилинде: саясий заговор, революциячыл иш*).

**КРАМО'ЛЬНИК** *м. уст.* козголоңчу (*революцияга чейин — жандармдар жана падыша чиновниктеринин тилинде: революционер*).

**КРАН** I *м.* чорго; **водопрово́дный кран** водопровод чоргосу.

**КРАН** II *м. тех.* кран (*оор нерселерди көтөрө турган жана аларды бир жерден экинчи жерге жылдыра турган механизм*).

**КРАНОВЩИ'К** *м.* крановщик (*кранды тейлөөчү жумушчу*).

**КРАП** *м.* 1. (*расцветка*) себинди, сепме (*бир нерсенин бетине сээп түшүрүлгөн түс, мис. китептин кесилген кырындагы*); 2. *карт.* белги (*картанын бетине митаамдык менен салынган шарттуу белгилер*).

**КРА'ПАТЬ** *несов. разг.* себээлөө, себээлеп туруу; **дождь кра́пает** жаан себээлеп турат.

**КРАПИ'ВА** *ж.* чалкан.

**КРАПИВНИЦА** *ж.* 1. *мед.* бөрү жатыш (*безгектин, калтыратманын бир түрү*); 2. *зоол.* крапивница (*көпөлөктүн бир түрү*).

**КРАПИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое **крапива**-*га т.*; **крапи́вный лист** чалкан жалбырагы; ◇ **крапи́вная лихора́дка** *мед.* бөрү жатыш (*оору*).

**КРА'ПИНА** *ж. см.* **кра́пинка.**

**КРА'ПИНКА** *ж.* кичинекей так, темгил.

**КРАПЛЁНЫЙ**, -ая, -ое билдирбей белги салып койгон (*ойнолуучу картага*).

**КРАСА'** *ж.* 1. *уст.* (*красота*) сулуулук; 2. (*украшение, слава чего-л.*) көркөмдүк, даңк, сымбат, сыймык; **краса́ и го́рдость нау́ки** илимдин сымбаты жана сыймыгы; ◇ **во всей свое́й красе́** бүткүл көрк-сөөлөтү менен.

**КРАСА'ВЕЦ** *м.* сулуу эркек; ◇ **краса́вец-го́род** кооз шаар.

**КРАСА'ВИЦА** *ж.* сулуу аял, сулуу кыз; ◇ **краса́вица-река́** сулуу, кооз өзөн; сулуу, кооз дарыя.

**КРАСА'ВЧИК** *м. разг. см.* **краса́вец.**

**КРАСИ'ВО** *нареч.* сулуу, көркөм, сонун.

**КРАСИ'ВЫЙ**, -ая, -ое сулуу, көркөм, сонун; ◇ **краси́вые слова́** көйүткөн сөздөр; **краси́вый жест** куру сөз.

**КРАСИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое: **краси́льное вещество́** боёк болуучу зат; **краси́льный цех** боёочу цех.

**КРАСИ'ЛЬНЯ** *ж.* боёк менен бир нерсени боёй турган жай (үй).

**КРАСИ'ЛЬЩИК** *м.* боёкчу (*боёочу жумушчу*).

**КРАСИ'ТЕЛЬ** *м. хим.* боёочу зат.

**КРА'СИТЬ** *несов.* 1. *что* боёо, сырдоо; кызартуу (*губы*); 2. *кого-что* (*украшать*) кооздоо, абийирдүү кылуу, абийир берүү; **э́ти цветы́ о́чень кра́сят ко́мнату** бул гүлдөр комнатаны абдан кооздоп турушат; **труд кра́сит челове́ка** эмгек адамга абийир берет.

**КРА'СИТЬСЯ** *несов.* 1. (*красить себе волосы, лицо и т. п.*) боёнуу (*бетин, кашын, кирпигин, оозун, чачын боёо*); 2. *страд. к* **кра́сить.**

**КРА'СКА** *ж.* 1. (*вещество*) боёк; 2. **кра́ски** *мн.* (*тон, цвет*) түс; ◇ **кра́ска стыда́** беттин чымыраганы, бет чымыроо; **вогна́ть в кра́ску** абдан уялтуу, уялтып кызартуу; **кра́ска бро́силась ему́ в лицо́** ал кыпкызыл болуп кетти; **кра́ска сошла́ с его́ лица́** купкуу болуп кетти; **не жале́ть кра́сок** мактоо *же* жамандоо жагынан аябай жеткирүү; **сгуща́ть кра́ски** катыруу (*мактап же жамандап*).

**КРАСНЕ'ТЬ** *несов.* 1. (*становиться красным*) кызаруу; **ви́шня уже́ красне́ет** чие кызара баштады; **красне́ть от стыда́** уялгандан кызаруу; **ему́ не придётся красне́ть за тебя́** *перен.* сен үчүн ал уятка калбайт; 2. *см.* **красне́ться.**

**КРАСНЕ'ТЬСЯ** *несов.* (*виднеться*) кызарып көрүнүү, кызаргансып көрүнүү.

**КРАСНОАРМЕ'ЕЦ** *м.* кызыл аскер (*Кызыл Армияда кызмат кылуучу адам*).

**КРАСНОАРМЕ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое **Красная Армия**-*га*, **красноармеец**-*ке т.*; **красноарме́йская пе́сня** кызыл аскер ыры.

**КРАСНОБА'Й** *м. разг.* кургак сөздү сүйүүчү адам, кургак чечен.

**КРАСНОБА'ЙСТВО** *ср. разг.* кургак сөздү сүйүүчүлүк, кургак чечендик.

**КРАСНОВА'ТЫЙ**, -ая, -ое кызгылт, кызгылтым.

**КРАСНОГВАРДЕ'ЕЦ** *м. ист.* кызыл гвардиячы (*Кызыл гвардияга катышкан адам*).

**КРАСНОГВАРДЕ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое **Красная гвардия**-*га*, **красногвардеец**-*ке т.*; **красногварде́йские отря́ды** Кызыл гвардия отряддары.

**КРАСНОДЕРЕ'ВЕЦ** *м.* мыкты жыгач устасы (*мебелдин мыкты сортун жасоочу уста*).

**КРАСНОЗЁМ** *м.* кызыл топурак.

**КРАСНОЗЁМНЫЙ**, -ая, -ое кызыл топурактуу; **красноземная по́чва** кызыл топурактуу жер.

**КРАСНОЗНАМЁННЫЙ**, -ая, -ое кызыл туулуу (*Кызыл Туу ордени менен сыйланган*); **краснознамённый заво́д** Кызыл Туу ордендүү завод; **Краснознамённый анса́мбль пе́сни и пля́ски Сове́тской А́рмии** Советтик Армиянын Кызыл Туулуу ыр жана бий ансамбли.

**КРАСНОКО'ЖИЙ**, -ая, -ее 1. кызыл терилүү; 2. *в знач. сущ. м.* кызыл терилүү (*бетинин териси кызыл, америкалык индеец*).

**КРАСНОЛЕ'СЬЕ** *ср.* ийне жалбырактуу токой (*көбүнчө кызыл карагайлуу токой*).

**КРАСНОРЕЧИ'ВОСТЬ** *ж.* чечендик, чебер (уста) сүйлөөчүлүк.

**КРАСНОРЕЧИ'ВЫЙ**, -ая, -ое 1. чечен (*ораторлук таланты бар, мыкты, көркөм сүйлөгөн адам*); 2. *перен.* (*выразительный, многозначительный*) апачык маалымат берүүчү, ачык көрүнүктүү (*мис. цифралар*).

**КРАСНОРЕ'ЧИЕ** *ср.* чечендик (*ораторлук талант*).

**КРАСНОТА'** *ж.* 1. кызылдык (*мис. беттеги*); 2. (*болезненное покраснение*) кызаруу (*оорун, кан куюлгандыктан кызаруу*); **краснота́ в го́рле** тамактын ооруп кызарышы.

**КРАСНОФЛО'ТЕЦ** *м.* кызыл флотчу (*СССР флотунда аскер кызматындагы адам, моряк*).

**КРАСНОФЛО'ТСКИЙ**, -ая, -ое **Красный флот**-*ко*, **краснофлотец**-*ке т.*

**КРАСНОЩЁКИЙ**, -ая, -ое кызыл беттүү.

**КРАСНУ'ХА** *ж. мед.* *балдардын жугуштуу оорусунун бир түрү.*

**КРА'СНЫЙ**, -ая, -ое 1. кызыл; **кра́сное зна́мя** кызыл туу; 2. *в знач. сущ.* **кра́сные** *мн. разг.* кызылдар; ◇ **кра́сная доска́** кызыл такта; **Кра́сная А́рмия** Кызыл Армия; **кра́сное кале́ние** темирди чоктой кылып кызартуу; **Кра́сный Крест** Кызыл Крест (*согуш кезинде ооругандарга, жарадар*

www.bizdin.kg

болгондорго *жардам берүүчү уюм*); **кра́сная строка́** *полигр.* абзацтын биринчи жолу, кемтик болуп башталган жолу; **проходи́ть кра́сной ни́тью** үстөмдүк кылуу, басымдуулук кылуу, ачык көрүнүп туруу (*ой, пикир жөнүндө*); **кра́сный пе́рец** калемпир; **кра́сный у́гол** *уст.* үйдөгү кадырдуу бурч; төр; **ле́то кра́сное** *фольк.* жанга жагымдуу жай, жайдын сонун күндөрү; **кра́сная де́вица** *фольк.* 1) көйкөлгөн сулуу (*кыз*); 2) (*о мужчине*) уялчаак, сылык (*эркек*); **кра́сный уголо́к** кызыл бурч; **кра́сное де́рево** кызыл жыгач (*кымбаттуу буюмдар жасоого жумшала турган жыгач*); **кра́сный лес** кызыл карагайлуу токой; **кра́сная ры́ба** сөөксүз кымбат баалуу балыктар; **на миру́ и смерть красна́** *посл.* көп менен көргөн — той; **пусти́ть кра́сного петуха́** *разг.* өрт коюу; **кра́сная цена́** *разг.* эң жогорку баа; **кра́сное со́лнышко** *фольк.* жаркырап-жайнаган күн.

**КРАСОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*виднеться*) сонун (кооз) болуп көрүнүп туруу, көз кубантуу; **вдали́ красова́лось зда́ние санато́рия** ыраакта санаторийдин үйү сонун болуп көрүнүп турду; **2.** *разг.* (*собою, чем-л.*) мактанып өзүн көрсөтүү, көзгө түшүп туруу, жаңалдануу.

**КРАСОТА'** *ж.* кооздук, сулуулук, көркөмдүк; **красо́ты приро́ды** табияттын кооздуктары.

**КРАСО'ТКА** *ж. разг.* сүйкүмдүү кыз, селки.

**КРА'СОЧНО** *нареч.* кооз, кооздоп, көркөм, көркөмдөп.

**КРА'СОЧНОСТЬ** *ж.* кооздук, көркөмдүк.

**КРА'СОЧНЫЙ,** -ая, -ое **1. краска** 1-*ге т.*; боёочу; **кра́сочная промы́шленность** боёк иштеп чыгаруучу өнөр жай; **2.** (*яркий*) кооз, сулуу, көркөм; **кра́сочный язы́к** көркөм (кооз) тил.

**КРАСТЬ** *несов. кого-что* уурдоо, катып алуу.

**КРА'СТЬСЯ** *несов.* уурданып басуу.

**КРА'СЯЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **кра́сить; 2.** *прил.* боёочу, боёгуч, боёк түшүрүүчү; **кра́сящие вещества́** боёгуч заттар.

**КРАТ: во́ сто кра́т** *уст.* жүз эсе, жүз мертебе.

**КРА'ТЕР** *м. геогр.* кратер (*жанар тоонун төбөсүндөгү лава атылып чыгуучу тегерек чуңкур*).

**КРА'ТКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*недолгий*) кыска, кыскача; **2.** *лингв.*: **кра́ткий гла́сный** кыска үндүү (*мис.* а, э); **«и» кра́ткое «й»** арибы; ◇ **в кра́тких слова́х** кыска сөз менен айтканда; **быть кра́тким** кыска айтып түшүндүрүү.

**КРА'ТКО** *нареч.* кыскача.

**КРАТКОВРЕ'МЕННОСТЬ** *ж.* аз убактылуулук, кыска убактуулук.

**КРАТКОВРЕ'МЕННЫЙ,** -ая, -ое аз убактылуу, кыска убактылуу.

**КРАТКОСРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое кыска мөөнөттүү, кыска сроктуу.

**КРА'ТКОСТЬ** *ж.* келтелик, кыскалык; **кра́ткость ре́чи** речтин кыскалыгы; **для кра́ткости** кыскалык үчүн.

**КРА'ТНОЕ** *ср. см.* **кра́тный** 2.

**КРА'ТНОСТЬ** *ж. мат.* бир санга калдыксыз бөлүнүүчүлүк.

**КРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *мат.* **1.** бир санга калдыксыз бөлүнүүчү; **де́вять — числó, кра́тное трём** тогуз — үчкө калдыксыз бөлүнүүчү сан; **2.** *в знач. сущ. ср.* орток бөлүнүүчү; **наиме́ньшее кра́тное двух чи́сел** эки сандын эң кичине орток бөлүнүүчүсү.

**КРАТЧА'ЙШИЙ,** -ая, -ее *превосх. ст. от прил.* **кра́ткий** эң кыска; **в кратча́йший срок** эң кыска срокто; **кратча́йший путь** эң кыска жол.

**КРАХ** *м.* иш оңунан чыкпай калуу, сынуу, кулоо.

**КРАХМА'Л** *м.* крахмал (**1.** *хим. углеводдун бир түрү; бул — өсүмдүктүн жашыл бөлүктөрүндө, картошкедө, кызылчада, данда ж. б. болот*; **2.** *тех. ушул углеводдон жасалган продукт; бул — тамак, химия, текстиль өнөр жайларында колдонулат*).

**КРАХМА'ЛИСТЫЙ,** -ая, -ое крахмалдуу, крахмалы көп; **крахма́листая пи́ща** крахмалдуу тамак.

**КРАХМА'ЛИТЬ** *несов. что* крахмалдоо, баттоо (*былбырабай чыйрак болуп катып турсун үчүн жака, сырт көйнөк ж. б. крахмалдуу сууга малып чайкап алуу*).

**КРАХМА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1. крахмал**-*га т.*; **крахма́льный заво́д** крахмал заводу, крахмал өндүрүүчү завод; **2.** (*накрахмаленный*) крахмалданган; **крахма́льный воротничо́к** крахмалданган жака.

**КРА'ШЕ** *сравн. ст. от прил.* **краси́вый** *и нареч.* **краси́во** сулуурак, жакшыраак; ◇ **кра́ше в гроб кладу́т** *погов.* сүлдөрү эле калган, араң жан болуп калган.

**КРА'ШЕНИЕ** *ср.* боёо, сырдоо.

**КРА'ШЕНЫЙ,** -ая, -ое боёлгон, сырдалган.

**КРАЮ'ХА** *ж. разг.* чоң кесим нан.

**КРАЮ'ШКА** *ж. уменьш. от* **краю́ха.**

**КРЕАТУ'РА** *ж.* креатура (*колунда бийлиги же байлыгы бар адамдын колдоосу менен иши башкарган жана ошол адамдын айтканынан чыкпаган киши*).

**КРЕВЕ'ТКА** *ж. зоол.* креветка (*деңиздеги майда чаяндын бир түрү*).

**КРЕ'ДИТ** *м. бухг.* кредит (*бир нерсени карызга берүүчү адамдардын же мекемелердин счёту; дебеттин карама-каршысы; айрым адамдарга же мекемелерге тиешелүү акча жазылып туруучу счёт*).

**КРЕДИ'Т** *м.* **1.** *фин.* кредит, карыз, насыя (*карызга берилген же берилүүчү акча; насыяга берилген же берилүүчү товар*); **отпусти́ть това́р в креди́т** товарды кредитке берүү (насыя берүү); **2.** *фин.* кредит (*белгилүү бир расходго ассигнование кылынган акча*); **3.** *перен.* (*доверие, авторитет*) бедел.

**КРЕДИ'ТНО-ДЕ'НЕЖНЫЙ,** -ая, -ое *фин.* кредиттик-акча; **креди́тно-де́нежная систе́ма** кредиттик-акча системасы.

**КРЕДИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **кредит** 1, 2-*ге т.*; **креди́тный биле́т** *уст.* кредит билети (*кагаз акча*).

**КРЕДИТОВА'НИЕ** *ср. фин.* кредит берүү (*бирөөгө бир нерсени карызга берүү*).

**КРЕДИТОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что, фин.* кредит берүү (*бирөөгө карызга берүү*); **кредитова́ть строи́тельство** курулушка кредит берүү.

**КРЕДИТОВА'ТЬСЯ 1.** *сов. и несов. фин.* кредит алуу, кредиттелүү (*бирөөдөн карызга алуу*); **2.** *несов. страд. к* **кредитова́ть.**

**КРЕДИТО'Р** *м.* кредитор (*акчаны же товарды бирөөгө карызга, кредитке берүүчү адам же мекеме*).

**КРЕДИТО'РСКИЙ,** -ая, -ое **кредитор**-*го т.*

**КРЕДИТОСПОСО'БНОСТЬ** *ж. фин.* карызды кайта төлөөгө кудуреттүүлүк, кредитти актоого жөндөмдүүлүк.

**КРЕДИТОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое *фин.* кредитти актоого жөндөмдүү, карызды кайта төлөөгө кудуреттүү.

**КРЕ'ДО** *ср. нескл.* кредо (*өзүнүн керт башынын ишеними, принциптери*); **нау́чное кре́до** илимий кредо.

**КРЕ'ЙСЕР** *м. воен.-мор.* крейсер (*тез жүрүүчү согуштук чоң кеме*).

**КРЕЙСИ'РОВАТЬ** *несов.* сүзүп жүрүү; **парохо́ды крейси́руют ме́жду Оде́ссой и Бату́ми** пароходдор Одесса менен Батуми ортосунда сүзүп жүрүшөт.

**КРЕМ** *м.* крем (**1.** *каймакка, жумурткага жемиштин суусун, шоколад ж. б. кошуп жасалган таттуу тамак*; **2.** *бет май*; **3.** *өтүк май*).

**КРЕМАТО'РИЙ** *м.* крематорий (*өлүктү өрттөп жиберүүгө ылайыкталган атайын үй*).

**КРЕМАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **кремация**-*га т.*; **кремацио́нная печь** кремация кылынуучу (өлүк өрттөлүүчү) меш.

**КРЕМА'ЦИЯ** *ж.* кремация (*бийик температуралуу мештерге салып өлүктү өрттөө*).

**КРЕМЕ'НЬ** *м. мин.* оттук таш, чакмак таш.

**КРЕМЛЁВСКИЙ,** -ая, -ое **кремль**-*ге т.*; **кремлёвские воро́та** кремль дарбазалары; **кремлёвские кура́нты** *см.* **кура́нты.**

www.bizdin.kg

**КРЕМЛЬ** *м.* кремль (*орустун байыркы шаарларында шаардын ичиндеги крепость, чеп, сепил*); **Моско́вский Кремль** Москва Кремли.

**КРЕМНЁВЫЙ,** -ая, -ое *мин.* оттук таштан, чакмак таштан жасалган; оттук таш аркылуу от берүүчү (*мис. мылтык*).

**КРЕМНЕЗЁМ** *м. мин.* кремнезём (*кремний менен кислороддон түзүлгөн минералдын бир түрү*).

**КРЕМНЕКИ́СЛЫЙ,** -ая, -ое *хим.* кремний кычкыл; **кремнеки́слый ка́лий** кремний кычкыл калий.

**КРЕ́МНИЙ** *м. хим.* кремний (*too тектеринин составына кирүүчү химиялык элементтин бир түрү*).

**КРЕМНИ́СТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *уст.* майда таштуу, майда шагылдуу; **кремни́стый путь** майда шагылдуу жол; **2.** *мин.* **кремнезём**-*ге т.*; **кремни́стый сла́нец** кремнезёмдон түзүлгөн сланец.

**КРЕ́МОВЫЙ,** -ая, -ое ачык сары кызгылт.

**КРЕН** *м. мор., ав.* бир жакка (бир жагына, бир капталга, бир капталына) кыйшаюу (*самолёт, кеме ж. б.*).

**КРЕ́НДЕЛЬ** *м.* крендель (*сегиз деген цифрага окшогон эки кезенектүү кичине нан*).

**КРЕНИ́ТЬ** *несов. что, мор., ав.* бир жакка (бир жагына, бир капталга, бир капталына) кыйшайтуу.

**КРЕНИ́ТЬСЯ** *несов. мор., ав.* бир жакка (бир жагына, бир капталга, бир капталына) кыйшаюу.

**КРЕОЗО́Т** *м. хим.* креозот (*техникада жана медицинада колдонулуучу май сымал суюк зат; жыгач, таш көмүрдөн жасалуучу жыттуу май сымал заттын бир түрү*).

**КРЕО́Л** *м.* креол.

**КРЕО́ЛКА** *женск. р. к* **крео́л;** креолка.

**КРЕО́ЛЫ** *мн.* креолдор (*Латиндик Америкадагы испаниялык жана португалиялык колонизаторлордун тукуму*).

**КРЕП** *м.* креп (**1.** *жука кара кездеме;* **2.** *аза убагында карыга байлай турган кара лента*).

**КРЕПДЕШИ́Н** *м.* крепдешин (*жибектен токулган кездеменин бир түрү*).

**КРЕПДЕШИ́НОВЫЙ,** -ая, -ое **крепдешин**-*ге т.*; **крепдеши́новое пла́тье** крепдешин көйнөк.

**КРЕПЁЖНЫЙ,** -ая, -ое: **крепёжный лес** шахталарда тиреөч болуучу, шахталарда тирек болуучу жыгач.

**КРЕПИ́ЛЬЩИК** *м.* тиреөчү (*шахталарда, кендерде тиреөч коюучу жумушчу*).

**КРЕПИ́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.**: **крепи́тельные рабо́ты** тиреөч коюу жумуштары; **2.** *мед.* ичтин өткөнүн басуучу, ичтин өткөнүн токтотуучу; **крепи́тельное лека́рство** ичтин өткөнүн басуучу дары.

**КРЕПИ́ТЬ** *несов. что* **1.** (*делать прочным*) бекитүү, бекемдөө, бек кылуу; **2.** (*делать сильным*) чыңдоо, бекемдөө; **крепи́ть оборо́ну страны́** өлкөнүн коргонуу иштерин чыңдоо; **3.** *мед.*: **крепи́ть желу́док** ичти катыруу; **4.** *мор.* бекитип байлоо; **крепи́ть паруса́** парусту бекитип байлоо.

**КРЕПИ́ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*сдерживать себя*) токтолуп туруу, өзүн өзү токтотуп туруу, сабыр кылып туруу; **2.** (*проявлять стойкость, мужество*) чыдамдуулук кылуу, эрдик кылуу, баатырдык кылуу, сабырдуулук кылуу; **3.** *страд. к* **крепи́ть** 1, 4.

**КРЕ́ПКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*прочный*) катуу, мыкты, чыйрак; **кре́пкое де́рево** катуу жыгач; **кре́пкая верёвка** мыкты жип; **2.** (*здоровый*) соо, күчтүү, кубаттуу; **кре́пкий органи́зм** күчтүү организм; **3.** *перен.* (*постоянный, стойкий*) өзгөрүлбөс, ишеничтүү; **4.** (*большой*) катуу, күчтүү; **кре́пкий моро́з** катуу суук; **кре́пкий ве́тер** катуу шамал; **5.** (*насыщенный*) коюу (*чай*); күчтүү (*кумыс*); ◇ **кре́пкие напи́тки** күчтүү ичкиликтер; **кре́пкая во́дка** азот кислотасы; **кре́пкое слове́цо** *разг.* богооз сөз; **моё сло́во кре́пко** *разг.* айткан сөзүмдөн кайтпаймын; **кре́пкий сон** катуу уйку; **кре́пкий на́ ухо** *разг.* кулагы катуу.

**КРЕ́ПКО** *нареч.* катуу, бек, мыкты, аябай; **кре́пко привяза́ть соба́ку** итти бек байлоо; ◇ **кре́пко заду́маться** абдан ойлонуу, аябай ойлонуу; **кре́пко целова́ть** аябай катуу өбүү; **кре́пко вы́ругать** аябай катуу тилдөө, аябай боктоо; **кре́пко спать** катуу уктоо; **кре́пко-на́крепко** *разг.* абдан, абдан бек, абдан тыгыз, абдан бышыктап.

**КРЕПКОЛО́БЫЙ,** -ая, -ое *разг.* маңыроо, аңкоо.

**КРЕПЛЕ́НИЕ** *ср.* **1.** бекитүү, бекем кылуу (*аштап, кадап, байлап бекитүү*); **2.** *тех.* шахтанын ичин устундар менен тиреп бекитүү.

**КРЕ́ПНУТЬ** *несов.* барган сайын мыкты (чыйрак, күчтүү, кубаттуу, соо-саламат) болуу; чыңалуу, мыктылануу.

**КРЕ́ПОВЫЙ,** -ая, -ое крептен жасалган; **кре́повые тка́ни** креп кездемелер.

**КРЕПОСТНА́Я** *женск. р. к* **крепостно́й** I 2.

**КРЕПОСТНИ́К** *м. ист.* крепостник (*крепостной укукту жактоочу реакциячыл адам; дыйкандарды азат кылуунун душманы*).

**КРЕПОСТНИ́ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **крепостничество**-*го*, **крепостник**-*ке т.*; крепосттук.

**КРЕПОСТНИ́ЧЕСТВО** *ср. ист.* крепостничество, крепостнойлук (*крепосттук укукка негизделген коомдук түзүлүш, бул — падышалык Россияда 1861-нчи жылга чейин жашаган*).

**КРЕПОСТНО́Й** I, -а́я, -о́е *ист.* **1.** крепостной, крепосттук (*кулдук көз карандылыкта болуучу, туруучу*); **крепостно́й крестья́нин** крепостной дыйкан; **крепостно́е хозя́йство** крепостной чарба; **крепостно́е пра́во** крепостной укук, крепосттук укук (*кол астында кул катары иштеп, көз каранды болуп турган дыйкандардын керт башына, эмгегине жана мүлкүнө помещиктин башкаруучулук кылуу укугу*); **крепостна́я зави́симость** крепостнойлук көз карандылык; **2.** *в знач. сущ.* **м.**, **ж.** крепостной, крепостной дыйкан.

**КРЕПОСТНО́Й** II, -а́я, -о́е **крепость** II-*ге т.*; крепосттук, сепилдик; **крепостна́я артилле́рия** крепосттук (сепилдик) артиллерия.

**КРЕ́ПОСТЬ** I *ж.* **1.** (*сила, прочность*) мыктылык, чыйрактык, бекемдик; **2.** (*степень насыщенности*) коюулук (*мис. чайдын*); күчтүүлүк (*мис. кымыздын, арактын*).

**КРЕ́ПОСТЬ** II *ж. воен.* крепость, сепил (*коргонуу үчүн абдан мыктылап чептер, коргондор ж. б. менен бекитилген пункт*).

**КРЕПЧА́ТЬ** *несов. разг.* күч алуу, күчөө, катуулоо (*мис. суук, шамал*).

**КРЕПЫ́Ш** *м. разг.* чымыр, багалчак (*киши*).

**КРЕ́СЛО** *ср.* кресло (*эки чыканакты сүйөп олтура турган жери бар орундуктун бир түрү*).

**КРЕСТ** *м.* **1.** крест (*бир-бирине каршы-терши айкалышып жаткан эки сызык же тилке сыяктуу фигура*); **поста́вить знак креста́** крест белгисин коюу; **2.** (*напр. на шее*) крест (*христиандардын моюндарына тагынуучу ушул фигура сыяктуу тумар*); **3.** (*могильный*) крест (*христиандардын мүрзөсүнүн үстүндөгү крест*); ◇ **Кра́сный Крест** *см.* **кра́сный; поста́вить крест** *на чём-л. разг.* крест коюу (*бир нерсени жок болду, жоюлду, керексиз деп эсептөө*); **крест-на́крест** айкалыштырып.

**КРЕСТЕ́Ц** *м. анат.* сегиз көчүк.

**КРЕ́СТИК** *м. уменьш. от* **крест** кичинекей крест.

**КРЕСТИ́НЫ** *мн. рел.* чокундуруу ырым-жырымдары.

**КРЕСТИ́ТЬ** **1.** *сов. и несов. кого* (*совершить обряд крещения*) чокундуруу; **2.** *несов. кого-что* (*делать знак креста рукой*) чокунтуу, чокунуу.

**КРЕСТИ́ТЬСЯ** *сов. и несов.* чокунуу.

**КРЕ́СТНИК** *м.* крестник (*туулган балага бирөө ат коюп чокундурса, ошол бала ат коюп чокундурган кишиге крестник деп аталат*).

**КРЕ́СТНИЦА** *женск. р. к* **кре́стник.**

**КРЕ́СТНЫЙ,** -ая, -ое **крест** 2-*ге т.*; **кре́стный ход** *церк.* крест, икона көтөрүп жүргөн жүрүш.

www.bizdin.kg

**КРЁСТНЫЙ,** -ая, -ое: **крёстный отец** баланы чокундуруп ат коюучу ата; **крёстная мать** баланы чокундуруп ат коюучу эне.

**КРЕСТОВИ'К** *м. зоол.* жонунда крест сыяктуу тамгасы бар чагуучу жөргөмүштүн бир түрү.

**КРЕСТОВИ'НА** *ж.* 1. крест сыяктуу кылып айкалыштырып кошулган эки жыгач; 2. *ж.-д.* крестовина (*келе жаткан поездди бир жолдон экинчи жолго салып жиберүүчү темик*).

**КРЕСТО'ВЫЙ,** -ая, -ое: **крестóвые похóды** *ист.* крестовый походдор (*11—13 кылымдарда Европадан Чыгышты көздөй жөнөп турган рыцардык согуштук походдор*).

**КРЕСТОНО'СЕЦ** *м. ист.* крестовый походго катышуучу.

**КРЕСТООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое крестке окшош, крест сыяктуу.

**КРЕСТОЦВЕ'ТНЫЕ** *мн.* (*ед.* **крестоцвéтное** *ср.*) *бот.* кайчылашкан гүлдүү өсүмдүктөр.

**КРЕСТЦО'ВЫЙ,** -ая, -ое **крестец**-*ке т.*; **крестцóвые позвонки** сегиз көчүк омурткалары, куймулчак омурткалары.

**КРЕСТЬЯ'НИН** *м.* дыйкан.

**КРЕСТЬЯ'НКА** *женск. р. к* **крестьянин.**

**КРЕСТЬЯ'НСКИЙ,** -ая, -ое **крестьянин**-*ге т.*; **крестьянский двор** дыйкандын короосу (түтүнү); **крестьянские восстáния** дыйкандар көтөрүлүштөрү.

**КРЕСТЬЯ'НСТВО** *ср.* 1. *собир.* дыйкандар; **колхóзное крестьянство** колхоздук дыйкандар; 2. *уст.* (*крестьянский труд*) дыйканчылык; **занимáться крестьянством** дыйканчылык кылуу.

**КРЕТИ'Н** *м.* 1. кретин (*кретинизм менен ооруган адам*); 2. *перен.* кеңгиреө, маңыроо, келесоо, макоо.

**КРЕТИНИ'ЗМ** *м.* 1. *мед.* кретинизм (*акылды кемитүүгө алып келе турган оору*); 2. *перен.* кеңгиреөлүк, маңыроолук, келесоолук, макоолук.

**КРЕТО'Н** *м.* (*ткань*) кретон (*тыгыз, катуу кездеменин бир түрү*).

**КРЕ'ЧЕТ** *м. зоол.* шумкар.

**КРЕЩЕ'НИЕ** *ср. рел.* 1. (*обряд*) чокундуруу, чокунуу; 2. крещение (*майрам; Ыйса пайгамбардын чокунган күнү*); ◇ **боевóе крещéние** 1) согушка биринчи катышуу; 2) *перен.* бир олуттуу ишке кадам коюу.

**КРЕЩЁНЫЙ,** -ая, -ое *рел.* 1. чокундурулган; 2. *в знач. сущ. м., ж.* христиан динindеги адам.

**КРИВА'Я** *ж. см.* **кривóй** 4.

**КРИ'ВДА** *ж. фольк.* калп, жалган.

**КРИВИЗНА'** *ж.* 1. (*чего-л.*) кыйшайгандык, ийрейгендик; 2. (*кривое место*) кыйшык жери.

**КРИВИ'ТЬ** *несов. что* кыйшайтуу, ийрейтүү; ◇ **кривить рот** оозун кыйшайтуу; **кривить душóй** анык сырын айтпоо, тайсалдап калп айтуу.

**КРИВИ'ТЬСЯ** *несов.* кыйшая баштоо, ийрейе баштоо, кыйшаюу, ийрейүү.

**КРИВЛЯ'КА** *м. и ж. разг.* кылжыктаган адам, кыйшактаган адам, чоёктогон адам.

**КРИВЛЯ'НЬЕ** *ср. разг.* кылжыктоо, кыйшактоо, чоёктоо, мурунду чүйрүү, бети-башты жыйруу.

**КРИВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. разг.* кылжыктоо, кыйшактоо, чоёктоо, мурдун чүйрүү, бети-башын жыйруу.

**КРИ'ВО** *нареч.* кыйшык, чалыр; ◇ **крúво улыбнýться** анткор күлүү, калп күлүү.

**КРИВОБО'КИЙ,** -ая, -ое кыйшык денелүү, ийри.

**КРИВОДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое ичи арам, анткор.

**КРИВО'Й,** -áя, -óе 1. кыйшык, ийри; 2. *разг.* (*слепой на один глаз*) бир көзү сокур, олуракай; 3. *перен.* (*выражающий презрение, неодобрение*) натуура, адилетсиз, ичи арам, анткор; **кривáя улыбка** анткор күлүү, калп күлүү; 4. *в знач. сущ. ж.* 1) *мат.* ийри сызык; 2) бир процесстин өсүшүн (кемишин) көрсөтүүчү сызык; ◇ **кривóе зéркало** чалыр күзгү (*бир нерсени бузуп, буруп көрсөтүү*); **кривáя вы́везет** *разг.* тобокел бир жерге алып барар; **на кривóй не объéдешь** *разг.* алдап ала албайсың.

**КРИВОЛИНЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое *мат., физ.* ийри сызыктуу; **криволинéйное движéние** ийри сызыктуу кыймыл.

**КРИВОНО'ГИЙ,** -ая, -ое кыйшык, ийри буттуу, каамыт аяк.

**КРИВОТО'ЛКИ** *только мн. разг.* миш-миш ушак сөздөр, тескери ой жоруулар.

**КРИВОШИ'П** *м.* кривошип (*машинанын валын айланта турган рычаг*).

**КРИ'ЗИС** *м.* 1. *эк., полит.* кризис; 2. *мед.* кризис (*оорунун чечкиндүү бурулуш учуру*).

**КРИК** *м.* 1. кыйкырык, бакырык; өкүрүү, озондоо (*плач, рыдания*); **раздáлся пронзúтельный крик** чыңырган үн чыга түштү; 2. (*брань, ругань*) акырык, жекирик; ◇ **крик отчáяния** жан талашкан (кокуйлаган) өкүрүк; **послéдний крик мóды** моданын барып турган жаңысы.

**КРИКЛИ'ВОСТЬ** *ж.* 1. катуулук, ачуулук, кулак-мээни жарарлык; 2. *перен.* көзгө өзүнөн өзү бат түшө тургандык, өтө эле кызыл-тазылдык.

**КРИКЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*пронзительный*) катуу, кулак-мээни жарарлык, ачуу (*үн*); 2. (*много кричащий*) кыйкырчаак, бакырчаак; ыйлаак (*часто плачущий*); **крикливый ребёнок** ыйлаак бала; **крикливая жéнщина** урушчаак аял; 3. *перен.* (*вычурный, кричащий*) көзгө өзүнөн өзү бат түшө турган, өтө эле кызыл-тазыл.

**КРИ'КНУТЬ** *однокр.* 1. кыйкыруу, кыйкырып коюу (*бир жолу*); 2. *на кого-что* акырып жиберүү; 3. (*позвать громко*) кыйкырып чакыруу.

**КРИКУ'Н** *м. разг.* 1. кыйкырчаак, бакырчаак, чыйылдаак адам; 2. *пренебр.* (*говорун*) кызыл кекиртек (*маанисиз сөздөрдү былжырап сүйлөй берүүчү, куру кыйкырык адам*).

**КРИКУ'НЬЯ** *женск. р. к* **крикýн.**

**КРИМИНА'Л** *м.* криминал (*уголовный кылмыш*).

**КРИМИНАЛИ'СТ** *м.* криминалист (*криминалистика жагынан специалист*).

**КРИМИНАЛИ'СТИКА** *ж. юр.* криминалистика (*уголовный укук жөнүндөгү илим*).

**КРИМИНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **криминал**-*га т.*; кылмыштуу.

**КРИМИНОЛО'ГИЯ** *ж.* криминология (*коомдук кылмыш жөнүндөгү илим*).

**КРИ'НКА** *ж. см.* **крынка.**

**КРИПТОГРА'ММА** *ж.* криптограмма (*жашырын жазуу; ошо жазууну атайын үйрөнгөн адам гана маанисине түшүнө ала турган белгилер менен жазылган жазуу же документ*).

**КРИПТОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **криптография**-*га т.*; криптографиялык; **криптографúческое письмó** криптографиялык жазуу.

**КРИПТОГРА'ФИЯ** *ж.* криптография (*шарттуу, жашырын жазуу, кат; бул жазууну атайын үйрөнгөн адамдар гана окуй алат*).

**КРИСТА'ЛЛ** *м.* кристалл (*туз көп кырдуу формадагы бир тектеш катуу нерсе*); **кристáлл сóли** туз кристаллы.

**КРИСТАЛЛИЗА'ЦИЯ** *ж. хим.* кристаллизация, кристаллдаштыруу, кристаллизация кылуу (*заттын кристаллдык абалга өтүшү*).

**КРИСТАЛЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* кристаллдаштыруу, кристаллизация кылуу.

**КРИСТАЛЛИЗОВА'ТЬСЯ** *сов. и несов.* 1. кристаллдануу, кристаллга айлануу; 2. *перен.* дааналануу, айкындалуу.

**КРИСТАЛЛИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **кристалл**-*га т.*; кристаллдык, кристаллдуу; **кристаллúческая фóрма** кристалл формасы.

**КРИСТАЛЛОГРА'ФИЯ** *ж.* кристаллография (*кристаллдардын түзүлүшү жана касиеттери жөнүндөгү илим*).

**КРИСТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. **кристалл**-*га т.*; кристаллдык; **кристáльная фóрма** кристаллдык формасы; 2. *перен.*

www.bizdin.kg

тунук, таза, ачык; **криста́льная вода́** тунук суу; **криста́льная душа́** таза көңүл.

**КРИТЕ'РИЙ** *м.* критерий (*бир нерсеге баа берүү, түркүмдөө үчүн негиз болуп турган белги, чен*).

**КРИ'ТИК** *м.* критик, сынчы; **литерату́рный кри́тик** адабият сынчысы.

**КРИ'ТИКА** *ж.* 1. сын, сыноо; **кри́тика и самокри́тика** сын жана өзүн өзү сыноо; 2. *лит.* критика (*көркөм адабиятты сыноого, текшерүүгө, талдоого арналган адабий жанр*); ◇ **не выде́рживает кри́тики** *или* **ни́же вся́кой кри́тики** эң эле жаман, эң эле начар.

**КРИТИКА'Н** *м. презр.* критикан (*жөнү жок кыйкымчыл, өөнчүл адам*).

**КРИТИКОВА'ТЬ** *несов. кого-что* критикалоо, критика кылуу, сыноо, сынга алуу.

**КРИТИЦИ'ЗМ** *м.* критицизм (1. *бир нерсеге сын көзү менен кароо*; 2. *филос. марксизмге каршы, реакциячыл, идеалисттик философиялык агымдын бир түрү*).

**КРИТИ'ЧЕСКИ** *нареч.* бир нерсеге сын көз менен караган.

**КРИТИ'ЧЕСКИЙ** I, -ая, -ое 1. **критика**-*га т.*; **крити́ческая статья́** сын макала; 2. сын көзү менен кароого ийкемдүү; **крити́ческий ум** сын көзү менен кароого ийкемдүү акыл.

**КРИТИ'ЧЕСКИЙ** II, -ая, -ое 1. (*переломный*) кризистүү, кризистик, кескин; **крити́ческий моме́нт бо́я** согуштун кескин учуру; **крити́ческая температу́ра** *физ.* кризистик температура; 2. *перен.* (*очень трудный, опасный*) кыйын, оор, коопту́у; **крити́ческое положе́ние** оор абал.

**КРИТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* бир нерсеге сын көзү менен кароо ийкемдиги.

**КРИТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **крити́ческий** I 2.

**КРИЧА'ТЬ** *несов.* 1. (*издавать крик*) кыйкыруу, бакыруу; өкүрүү, озондоо (*плакать, рыдать*); **пронзи́тельно крича́ть** чыркырап өкүрүү; 2. *на кого-что* (*бранить*) акыруу, жекирүү, жекирип тилдөө, сөгүү; 3. *кого* (*звать громко*) кыйкырып чакыруу; 4. *о ком-чём, перен. разг.* дуулдоо, кеп болуу; **весь го́род крича́л об э́том** бул жөнүндө бүткүл шаар дуулдады.

**КРИЧА'ЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **крича́ть**; 2. *прил. перен.* (*бросающийся в глаза*) көзгө өзүнөн өзү бат түшө турган, өтө эле кызыл-тазыл; **крича́щий наря́д** өтө эле кызыл-тазыл кийим.

**КРОВ** *м.* 1. *уст.* (*крыша*) калканчык, жабуу; 2. (*жилище, приют*) үй-жай; **оста́ться без кро́ва** үйсүз калуу.

**КРОВА'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. кандуу, кан аралаш; **крова́вая рво́та** *мед.* кан кусуу; 2. (*кровопролитный*) кан төгүүчү, кан төгүлгөн, кандуу; **крова́вое сраже́ние** кан төгүлгөн салгылашуу; 3. *перен.* кызыл, кызыл кочкул; **крова́вый зака́т** күндүн кызарып батышы; ◇ **Крова́вое воскресе́нье** *ист.* Кандуу Жекшемби.

**КРОВА'ТКА** *ж. уменьш. от* **крова́ть** керебетче, кичине кровать.

**КРОВА'ТЬ** *ж.* кровать, керебет; **односпа́льная крова́ть** бир кишилик кровать.

**КРО'ВЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **кро́вельное желе́зо** үйдүн төбөсүн жаба турган темир; тунуке.

**КРО'ВЕЛЬЩИК** *м.* кровельщик (*үйдүн төбөсүн темир, тунуке менен жабуу жагынан специалист жумушчу*).

**КРОВЕНО'СНЫЙ,** -ая, -ое *анат.*: **кровено́сные сосу́ды** кан тамырлары; **кровено́сная систе́ма** кан айлануу системасы.

**КРОВИ'НКА** *ж.*: **ни крови́нки в лице́** *разг.* кансыз, купкуу (*бет жөнүндө*).

**КРО'ВЛЯ** *ж.* үйдүн төбөсү, үйдүн чатырчасы, үйдүн чатыры; ◇ **жить под одно́й кро́влей** бир үйдө туруу, бир үйдүн ичинде туруу, бирге туруу.

**КРО'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*напр. о родстве*) каны, тукуму, теги бир болууга негизделген, бир тууган; 2. (*породистый*) асыл тукумдуу, таза кандуу; 3. *перен.* (*насущный, близкий*) эң керектүү, эң жакын; **кро́вные интере́сы** эң жакын таламдар, эң керектүү таламдар; ◇ **кро́вная оби́да** абдан катуу ыза; **кро́вная месть** канга кан (*өч алуу*).

**КРОВОЖА'ДНОСТЬ** *ж.* кан ичкичтик, жырткычтык.

**КРОВОЖА'ДНЫЙ,** -ая, -ое кан ичкич, жырткыч.

**КРОВОИЗЛИЯ'НИЕ** *ср. мед.* кан куюлуу (*кан тамыры жарылып кетип, организмдин ичине кан куюлуу*); **кровоизлия́ние в мозг** мээге кан куюлуу.

**КРОВООБРАЩЕ'НИЕ** *ср.* кандын айланышы; **пра́вильное кровообраще́ние** кандын туура айланышы.

**КРОВООСТАНА'ВЛИВАЮЩИЙ,** -ая, -ее *мед.* кан агууну токтотууга жардам кылуучу; **кровоостана́вливающее сре́дство** кан агууну токтотуучу каражат.

**КРОВОПИ'ЙЦА** *м. и ж.* канкор, кан ичер.

**КРОВОПОДТЁК** *м.* канталап көгөргөн жер.

**КРОВОПРОЛИ'ТИЕ** *ср.* кан төгүү, бычакташуу, адамдарды массалык түрдө кырып-жоюу.

**КРОВОПРОЛИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое кан куюлган, кан төгүлгөн, аёосуз; **кровопроли́тное сраже́ние** кан төгүлгөн салгылашуу.

**КРОВОПУСКА'НИЕ** *ср.* кан алуу (*дарылоо максатын көздөп организмден кан алуу*).

**КРОВОСМЕШЕ'НИЕ** *ср.* кан аралашуу (*бири-бирине жакын тууган адамдардын ортосунда жыныстык байланыш болуу*).

**КРОВОСО'С** *м. см.* **кровопи́йца.**

**КРОВОТЕЧЕ'НИЕ** *ср.* каноо, кан чыгуу, кан агуу, кан кетүү, кансыроо.

**КРОВОТОЧИ'ВОСТЬ** *ж. мед.* кан чыгуучулук, канап кетүүчүлүк, дайыма кан агып туруучулук.

**КРОВОТОЧИ'ВЫЙ,** -ая, -ое кан агып (чыгып) туруучу, кан агып (чыгып) турган; **кровоточи́вая ра́на** кан чыгып турган жара.

**КРОВОТОЧИ'ТЬ** *несов.* каноо, канап туруу, кан чыгуу, кан агып (чыгып) туруу.

**КРОВОХА'РКАНЬЕ** *ср.* кан түкүрүү, кан жөткүрүү.

**КРОВЬ** *ж.* кан; **вено́зная кровь** вена каны; **прили́в кро́ви** кан куюлуу; **перелива́ть кровь** кан алып, аны кайра куюу; ◇ **они́ одно́й кро́ви** алар жакын туугандар; **в кровь** *или* **до́ крови** кызыл чиедей кылып, кызыл челек кан кылып; **разби́ть в кровь** кызыл-ала кылып уруу; **кровь с молоко́м** *разг.* бетинен нуру тамган, бетинен каны тамган; **э́то у него́ в крови́** анын канында бар; **у него́ се́рдце кро́вью облива́ется** *разг.* анын өтө эле боору ооруйт; **кровь сты́нет (леденée) в жи́лах** *разг.* кутуң учат, үрөйүң учат; **проли́ть кровь** канын төгүү (*согушта*); **пить чью-л. кровь** *разг.* бирөөнүн канын соруу, *бирөөнү* катуу эзүү; **по́ртить кровь** *кому-л.* *бирөөнүн* ачуусун келтирүү, жинине тийүү; **по́ртить себе́ кровь** өзүнүн канын кайнтуу; **войти́ в плоть и кровь** канына сиңүү; **глаза́ нали́тые кро́вью** кыпкызыл көз, кан толгон көз.

**КРОВЯНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое кандуу; **кровяни́стое мя́со** кандуу эт.

**КРОВЯНО'Й,** -а́я, -о́е **кровь**-*го т.*; **кровяно́е давле́ние** кандын басышы; **кровяны́е ша́рики** кан шариктери; **кровяна́я колбаса́** кандан жасалган колбаса.

**КРОИ'ТЬ** *несов. что* бычуу (*мис. кийим*).

**КРОЙ** *м.* бычуу.

**КРО'ЙКА** *ж.* бычуу (*мис. кийим*); **ку́рсы кро́йки и шитья́** бычуу жана тигүү курсу.

**КРОКЕ'Т** *м. спорт.* крокет (*жыгачтан жасалган шарларды, топторду узун таяк менен уруп тоголотуп ойноочу оюндун бир түрү*).

**КРОКЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **крокет**-*ке т.*; **кроке́тный шар** крокет шары.

**КРОКИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* крокировкалоо, крокировка кылуу (*крокет ойногон кезде бир оюнчу өзүнүн шары менен экинчи оюнчунун шарын уруу*).

www.bizdin.kg

**КРОКОДИ'Л** *м.* крокодил (*кескелдирик тукумуна жатуучу, сойлоочу чоң жаныбар*).

**КРОКОДИ'ЛОВЫЙ,** -ая, -ое **крокодил**-*ге т.*; **крокоди́ловая ко́жа** крокодил териси; ◇ **крокоди́ловы слёзы** айткор ыйлоо, калп ыйлоо.

**КРО'КУС** *м.* крокус (*гүлдүн бир түрү*).

**КРО'ЛИК** *м.* кролик (*бакма коён жана анын териси*); **воротни́к из кро́лика** кролик жака.

**КРОЛИКОВО'Д** *м.* кролик асыроочу (*бакма коён асыроочу адам*).

**КРОЛИКОВО'ДСТВО** *ср.* кролик асыроочулук.

**КРОЛИКОВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **кролиководство**-*го т.*

**КРО'ЛИЧИЙ,** -ья, -ье **кролик**-*ке т.*; **кро́личье мя́со** кролик эти; **кро́личья ша́пка** кроликтин терисинен жасалган бөрүк.

**КРОЛЬЧА'ТНИК** *м.* кроликтер турган үй.

**КРОЛЬЧИ'ХА** *ж.* ургаачы кролик.

**КРО'МЕ** *предлог с род. п.* **1.** (*за исключением*) башка; **по э́тому вопро́су у меня́ нет ничего́, кро́ме одно́й кни́ги** бул маселе боюнча менде бир китептен башка эч нерсе жок; **2.** (*помимо, сверх*) анын үстүнө; **кро́ме того́, он хоте́л сам зайти́** анын үстүнө ал өзү келейин деген эле; **кро́ме преподава́тельской рабо́ты он занима́ется литерату́рным трудо́м** окутуучулук жумуштан башка ал адабий эмгек кылат; ◇ **кро́ме шу́ток** *разг.* тамашасы жок, оюну жок.

**КРОМЕ'ШНЫЙ,** -ая, -ое *разг.*: **тьма кроме́шная** көзгө сайса көрүнгүс караңгылык; **ад кроме́шный** бака-шака, дайыма кыйкырык-сүрөөн, урушуу-тилдешүү, кыяматтын как бели.

**КРО'МКА** *ж.* кромка (**1.** *кездеменин узата жээги*; **2.** *тех. тактайдын узата жээги*).

**КРОМСА'ТЬ** *несов. что, разг.* **1.** иретсиз кескилеп таштоо, иретсиз туурагылап таштоо; **2.** *перен.* (*портить*) сызгылап таштоо, бузуп салуу (*мис. кол жазманы*).

**КРО'НА** I *ж.* (*верхняя часть дерева*) жыгачтын башы (*бутактары жана жалбырактары менен бирге жыгачтын баш жагы*).

**КРО'НА** II *ж.* (*монета*) крона (*кээ бир батыш европалык өлкөлөрдөгү акча единицасы*).

**КРОНЦИ'РКУЛЬ** *м.* кронциркуль (*кичинекей тегерек сызыктар сызуу үчүн колдонула турган циркуль*).

**КРО'НШНЕП** *м. зоол.* төө чулдук (*чоң чулдуктун бир түрү*).

**КРОНШТЕ'ЙН** *м.* кронштейн (*үйдүн дубалына жабыштырылган кыйгач тирөөч, мис. балкондогу*).

**КРОПА'ТЬ** *несов. что, разг.* иштин жөнүн билбей, чоркоктук кылып, жаман жана кашаң жазуу (*мис. ырды, романды*).

**КРОПИ'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*обрызгивать*) бүркүү (*бирөөнүн үстүнө кандайдыр бир суюктук бүркүү*); **2.** (*о дожде*) себөөлөп туруу.

**КРОПОТЛИ'ВО** *нареч.* көп күч, көп көңүл буруп, көшөрө, көшөрүп.

**КРОПОТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* көп күч талап кылуучулук.

**КРОПОТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*требующий усердия*) көп күчтү талап кылуучу, көп көңүл бөлүүнү, чыдамдуулукту талап кылуучу; **кропотли́вая рабо́та** көп күчтү талап кылуучу жумуш; **2.** (*усердный*) тырышып иштөөчү, жан-дили менен берилип иштөөчү, баш көтөрбөй иштөөчү (*адам*).

**КРОСС** *м. спорт.* кросс (*жолсуз өңгүл-дөңгүл жер менен жүгүрүү*).

**КРОССВО'РД** *м.* кроссворд (*клетканын ичине сөз таап ойноло турган баш катыргыч*).

**КРОТ** *м.* момолой (*сокур чычкан жана анын териси*).

**КРО'ТКИЙ,** -ая, -ое жоош, момун.

**КРО'ТКО** *нареч.* жооштук менен, момундук менен.

**КРОТО'ВЫЙ,** -ая, -ое **крот**-*ко т.*; **крото́вая шу́ба** момолой ичик.

**КРО'ТОСТЬ** *ж.* жооштук, момундук.

**КРОХА'** *ж.* **1.** *уст.* (*крошка*) күкүм (*мис. нандын күкүмү*); **2. кро́хи** *мн. перен.* эң жарыбаган нерсе (*эң эле аз же кадырсыз*).

**КРОХА'ЛЬ** *м. зоол.* арам өрдөк.

**КРОХОБО'Р** *м. разг.* майдачыл, майда ишке алагды болгон.

**КРОХОБО'РСТВО** *ср. разг.* майдачылдык, майда ишке көңүл бөлүп коюучулук, ири маселени таштап коюучулук.

**КРО'ХОТНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* кенедей (*өтө кичине*); **кро́хотный ребёнок** кенедей бала.

**КРО'ШЕЧКА** *ж. уменьш. от* **кро́шка.**

**КРО'ШЕЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **кро́хотный.**

**КРОШИ'ТЬ** *несов. что* **1.** убалоо, күкүмдөө, туурoo; **кроши́ть ку́рам хлеб** тоокторго нан убалап берүү; **кроши́ть лук в суп** сорпого пияз туурoo; **2.** (*сорить*) күкүмдөө, күкүмүн түшүрүү; **не кроши́ на́ пол хлеб** жерге нандын күкүмүн түшүрбө.

**КРОШИ'ТЬСЯ** *несов.* чачылуу, майдалануу, күкүмдөлүү, тууралуу (*напр. о хлебе*); кетилүү (*о зубах*).

**КРО'ШКА** *ж.* **1.** (*напр. хлеба*) күкүм; **2.** (*малютка*) бөйтөйгөн бала; ◇ **ни кро́шки** кенедей да, такыр, түк.

**КРУГ** *м.* **1.** *мат.* тегерек (*тегерек сызык*); **2.** *перен.* (*сфера, область чего-л.*) айлана; **э́то не вхо́дит в круг мои́х обя́занностей** бул менин милдеттеримдин ичине кирбейт; **3.** (*предмет в форме окружности*) тегерек; **спаса́тельный круг** куткаруучу тегерек (*мис. сууга чөгүп бара жаткан адамды куткаруучу тегерек*); **4.** чөйрө; **в полити́ческих круга́х** саясий чөйрөлөрдө; **широ́кие обще́ственные круги́** коомдук кеңири чөйрөлөр; **в своём кругу́** өзүнүн чөйрөсүндө, жолдошторунун арасында; **у него́ широ́кий круг знако́мых** анын тааныштары көп; **5.** (*область, сфера*) чөйрө, деңгээл; **круг де́ятельности** иштеги милдет чөйрөсү; **круг зна́ний** билим деңгээли; ◇ **на круг** *разг.* орто эсеп менен алганда, божомолдоп эсептегенде, чамалап алганда; **поро́чный круг** далилденбеген факты менен бир нерсени далилдөө; **поля́рный круг** *геогр.* полюс тегереги; **встать в круг** тегерете туруу.

**КРУ'ГЛЕНЬКИЙ,** -ая, -ое *уменьш. от* **кру́глый** тегерек, тоголок; ◇ **кру́гленькая су́мма** орчун сумма, көп сумма, көзгө толордук сумма.

**КРУГЛОГОДОВО'Й,** -а́я, -о́е жыл бою боло турган, жылдын башынан аягына чейин боло турган.

**КРУГЛОЛИ'ЦЫЙ,** -ая, -ое тегерек беттүү.

**КРУГЛОСУ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое сутка бою созула турган, күнү-түнү, күнү-түнү иштеле турган; **круглосу́точная рабо́та телегра́фа** телеграфтын күнү-түнү иштеши.

**КРУ'ГЛЫЙ,** -ая, -ое тегерек, тоголок, жумуру; **кру́глый стол** тегерек стол; ◇ **кру́глый год** жылдын башынан аягына чейин, жыл бою; **кру́глые су́тки** күнү-түнү, сутка бою; **кру́глый сирота́** тоголок жетим; **кру́глый неве́жда** барып турган наадан; **кру́глый дура́к** барып турган акмак; **для кру́глого счёта** туура эсеп үчүн (*мис. 99-дун ордуна 100 деп коюу*).

**КРУГОВО'Й,** -а́я, -о́е айланып жүрө турган, айланып жүрүүчү, тегеректик; **кругово́е движе́ние** айланып жүрүүчү кыймыл; **круговы́е фу́нкции** *мат.* тегеректик функциялар; ◇ **кругова́я пору́ка** кандайдыр коллективдик жумушта, иште ар бир мүчөнүн бир-бирине кепил болуп, ал үчүн жоопту болуучулук; **кругова́я ча́ша** кыдыртма чыны, чөйчөк (*бир топ киши кыдыртып ичүүчү чыны, чөйчөк*).

**КРУГОВОРО'Т** *м.* **1.** айлануу, айланып туруу (*мурунку абалына кайта айланып келип туруу процесси*); **круговоро́т воды́** суунун айланышы (*суунун буу болуп, андан кийин сууга айланып турушу*); **2.** *перен.* токтоосуз кыймыл, өзгөрүү; **круговоро́т собы́тий** окуялардын токтоосуз өзгөрүп турушу.

www.bizdin.kg

**КРУГОЗО'Р** *м.* кругозор (*бир нерсени түшүнүүнүн, билүүнүн көлөмү, билиминин көлөмү*); **умственный кругозо́р** акыл кругозору; **широ́кий кругозо́р** кең кругозор.

**КРУ'ГОМ** *нареч.*: **голова́ идёт кру́гом** *разг.* баш айланат.

**КРУГО'М** 1. *нареч.* айлануу, айланада, тегеректе; **поверну́ться круго́м** артка айлануу; **круго́м не́ было ни души́** айланада эч ким жок эле; **нале́во круго́м!** *воен.* налево кругом! (*сол жак менен тегеренип мурунку калыбына кайта келүү*); 2. *предлог с род. п. разг.* айланып чыгуу; **обойти́ круго́м до́ма** үйдү тегерете айланып чыгуу; 3. *нареч. разг.* (*целиком*) бүт бойдон; **он круго́м винова́т** ал баарына күнөлүү.

**КРУГООБОРО'Т** *м.* кругооборот, айлануу (*мурунку абалына жана баштапкы формасына кайта келүү менен бүтүүчү процесс*); **кругооборо́т произво́дства** өндүрүштүн кругооборотy (айланышы).

**КРУГООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое тегерек сыяктуу, тегерек сымал, формасы жагынан тегеректе окшош.

**КРУГОСВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое жер шарын айланып чыгуучу; **кругосве́тное путеше́ствие** жер шарын айланып чыгуучу саякат.

**КРУЖЕВА'** *мн.* (*ед.* **кру́жево** *ср.*) кружево (*кийимди, үйдүн жасалгасын кооздоо үчүн жиптен эң сонун кылып торго окшотуп токулган гүлдүү ткань*).

**КРУЖЕВНИ'ЦА** *ж.* кружево токууга уста аял.

**КРУЖЕВНО'Й,** -а́я, -о́е **кружево**-*го т.*; **кружевно́й воротни́к** кружево жака.

**КРУ'ЖЕВО** *ср.* кружево; *см.* **кружева́**.

**КРУЖЕ'НИЕ** *ср.* айлануу, айландыруу, тегеренүү, тегеретүү.

**КРУЖИ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* айландыруу, тегеретүү; 2. (*описывать круги*) айлануу, айланып туруу, тегеренүү, үйрүлүү; **я́стреб кружи́т над цыпля́тами** кулаалы чөжөлөрдүн үстүндө айланып жүрөт; 3. *разг.* (*блуждать*) адашуу; **они́ до́лго кружи́ли, пока́ вы́шли к го́роду** шаарга келип чыкканча алар көпкө чейин адашып жүрүштү; 4. (*взметать пыль, снег*) үйрүлүп учуу, үйрүлтүп учуруу (*бороон жөнүндө*); **мете́ль кружи́т** бороон үйрүлүп учат; ◇ **кружи́ть го́лову** ээликтирүү, башын айландыруу.

**КРУЖИ'ТЬСЯ** *несов.* айлануу, айланып туруу, тегеренүү, үйрүлүү; ◇ **голова́ кру́жится** баш айланат, баш тегеренет.

**КРУ'ЖКА** *ж.* кружка (*формасы стакандай болгон туткалуу идиш*).

**КРУЖКОВЩИ'НА** *ж.* кружковщина (*коллективден четтеп, кандайдыр бир кружоктун тар рамкаларынан чыкпоого бет алуучулук*).

**КРУЖКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **кружок** 2-*ге т.*; **кружко́вые заня́тия** кружок окуулары.

**КРУ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое: **кру́жным путём** айланып жүрмө жол менен (*төтө жол менен эмес*).

**КРУЖО'К** *м.* 1. *уменьш. от* **круг** 3 кичинекей тегерек; 2. (*группа*) кружок, ийрим; **кружо́к по изуче́нию маркси́стско-ле́нинской тео́рии** марксисттик-лениндик теорияны үйрөнүү боюнча кружок.

**КРУП** I *м. мед.* круп (1. *тамак шишип ооруу*; 2. *жалпы кандайдыр бир органдын шишип оорушу*).

**КРУП** II *м.* (*лошади*) соору.

**КРУПА'** *ж.* 1. крупа (*акталган таруу, конок, акталган арпа, күрүч ж. б.*); 2. *перен.* (*снег*) шыбыргак, бүртүктөп жааган кар.

**КРУПИ'НКА** *ж.* 1. (*зёрнышко*) бүртүк, күкүм; 2. *перен.* (*мельчайшая часть*) эң кичинекей бөлүк, кенедей, кичинекей нерсе; **ни крупи́нки пра́вды** кенедей да чындыгы жок.

**КРУПИ'ТЧАТЫЙ,** -ая, -ое **крупчатка**-*га т.*; **крупи́тчатая мука́** *разг.* крупчатка ун.

**КРУПИ'ЦА** *ж. см.* **крупи́нка** 2.

**КРУ'ПНО** *нареч.* чоң, чоң-чоң, ири; **кру́пно наре́зать** чоң-чоң кесүү; чоң-чоң тууроо; ◇ **кру́пно поговори́ть** катуу сүйлөшүү, катуу айтышуу.

**КРУПНО-** *татаал сөздөрдүн «ири» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү.*

**КРУПНОЗЕРНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое ири бүртүктүү (*ири бөлүкчөлөрдөн, ири бүртүктөрдөн түзүлгөн*).

**КРУПНОКАЛИ'БЕРНЫЙ,** -ая, -ое кең калибрдүү (*мылтык*).

**КРУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое 1. ири, зор; **кру́пный песо́к** ири кум; **кру́пный по́черк** ири почерк (*тамгалары чоң-чоң жазылган почерк*); **кру́пный рога́тый скот** мүйүздүү ири мал (*уй, топоз*); **кру́пная промы́шленность** ири өнөр жай; **кру́пный капита́л** ири капитал; **кру́пным ша́гом** арыштап, аттап; 2. (*о денежных знаках*) ири (*акча жөнүндө*); **кру́пные де́ньги** ири акча; 3. (*рослый*) чоң, бойлуу, сөөктүү; **кру́пный ребёнок** сөөктүү бала; 4. (*значительный*) чоң, даңктуу; **кру́пный писа́тель** чоң жазуучу; ◇ **кру́пный разгово́р** катуу сүйлөшүү.

**КРУПО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое: **крупо́зное воспале́ние лёгких** *мед.* кабыргадан сезгенүү, кан түкүргөн оору.

**КРУПОРУ'ШКА** *ж.* таруу, конок, арпа, күрүчтү *ж. б.* актап аларды крупа кылуучу машина.

**КРУПЧА'ТКА** *ж.* крупчатка (*ак ундун жакшы сорту*).

**КРУПЯНО'Й,** -а́я, -о́е **крупа** 1-*ге т.*

**КРУТИЗНА'** *ж.* 1. (*крутое место*) тик жар; 2. (*чего-л.*) тик ылдый, тик өйдө.

**КРУТИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*вертеть, вращать*) буроо; 2. (*свивать, сучить*) эшүү, чыйратуу, толгоо (*мис. жипти, арканды*); 3. (*закручивать*) чыйратуу; **крути́ть усы́** муруттү чыйратуу; 4. (*свёртывать*) ороо (*мис. папиросту*); 5. (*кружить*) тегеретүү, айландыруу, үйрүлтүү; куюндатып учуруу (*шамал жөнүндө*).

**КРУТИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*вертеться*) айлануу, тегеренүү; **колесо́ кру́тится** дөңгөлөк айланат; 2. (*о нитках и т. п.*) чыйралуу, чыйратылуу, эшилүү (*мис. жип*); 3. (*кружиться*) айлануу, тегеренүү, үйрүлүү; **ли́стья, крутя́сь, па́дают** жалбырактар үйрүлүп түшөт.

**КРУ'ТО** *нареч.* 1. (*отвесно, обрывисто*) чукул; **доро́га кру́то поднима́лась в го́ру** жол чукул эле тоого карай бурулду; 2. (*резко*) жалт берип, чукул; **ло́шадь кру́то поверну́ла впра́во** ат оңго чукул бурулду; 3. *перен.* катуу (*сурово*); чечкиндүү (*решительно*); ◇ **кру́то замеси́ть те́сто** камырды катуу жууруу; **кру́то отжа́ть** катуу сыгуу; **кру́то посоли́ть** аябай туздоо.

**КРУТО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*отвесный, обрывистый*): **круто́й подъём** тик өөдө; **круто́й спуск** тик ылдый; 2. (*резкий, внезапный*) чукул; **круто́й поворо́т** чукул бурулуш (имерилиш); 3. *перен.* катуу (*суровый*); чечкиндүү (*решительный*); **круты́е ме́ры** катуу чаралар, чечкиндүү чаралар; **круто́й нрав** катуу мүнөз; ◇ **круты́е я́йца** абдан бышкан жумуртка; **круто́й кипято́к** абдан кайнак суу.

**КРУ'ТОСТЬ** *ж.* катуулук; чечкиндүүлүк; **кру́тость мер** чаралардын чечкиндүүлүгү.

**КРУ'ЧА** *ж.* тик ылдай, тик өөдө, тик жар.

**КРУЧЕ'НИЕ** *ср.* катуу чыйратуу, катуу толгоо, катуу эшүү (*мис. жипти*).

**КРУЧЁНЫЙ,** -ая, -ое чыйратылган, эшилген, толгонгон (*мис. жип*).

**КРУЧИ'НА** *ж. поэт.* кайгы-капа, муң.

**КРУЧИ'НИТЬСЯ** *несов. поэт.* кайгылануу, муңдануу, муңкануу.

**КРУШЕ'НИЕ** *ср.* кыйроо, кулоо, жемирилүү; **круше́ние по́езда** поезддин кыйрашы; **потерпе́ть круше́ние** 1) кыйроо; 2) *перен.* жок болуу, куруу; ◇ **круше́ние наде́жд** үмүт үзүлүү.

**КРУШИ'НА** *ж. бот.* крушина (*кара жемиштүү бадалдын бир түрү; жемишинен ич алдыргыч жасалат*).

www.bizdin.kg

**КРУШИ'ТЬ** *несов. кого-что* талкалоо, кыйратуу, сындыруу, жок кылуу.

**КРЫЖО'ВЕННЫЙ,** -ая, -ое **крыжовник**-*ке т.*; **крыжо́венное варе́нье** крыжовниктен жасалган варенье.

**КРЫЖО'ВНИК** *м.* крыжовник (*жемиштүү бадал өсүмдүктүн бир түрү; ушул өсүмдүктүн жемиши*).

**КРЫЛА'ТЫЙ,** -ая, -ое канаттуу (*мис. куш*); ◇ **крыла́тая мысль** эркин ой; **крыла́тые слова́** таамай айтылгандыктан элдин оозунан түшпөй жүргөн ылакап сөздөр.

**КРЫЛЕ'ЧКО** *ср. уменьш. от* **крыльцо́** кичинекей крыльцо.

**КРЫЛО'** *ср.* **1.** канат; **маха́ть кры́льями** канат кагуу; **подре́зать кры́лья** 1) канатын кесүү; 2) *перен.* колун байлоо, мүмкүндүк бербөө; **распра́вить кры́лья** 1) канатын күүлөө; 2) *перен.* кайрат көрсөтүү; **2.** *тех.* каптал жак (*мис. автомашинанын*); **3.** (*пристройка к дому*) үйгө, имаратка кошумча салынган бөлүк; **4.** (*группировка*) топ (*кандайдыр бир уюмдун, буржуазиялык партиянын өтө четтеген тобу*).

**КРЫ'ЛЫШКО** *ср. уменьш.-ласк. от* **крыло́** 1 канатча, кичинекей канат; ◇ **взять под своё кры́лышко** өзүнүн колтугунун астына алуу.

**КРЫЛЬЦО'** *ср.* крыльцо (*үйгө кирип чыгуучу эшиктин алдына жасалган баскычтуу аянтча*).

**КРЫ'НКА** *ж.* крынка (*карападан жасалган идиш; бул — көбүнчө, сүт сактоо үчүн колдонулат*).

**КРЫ'СА** *ж.* келемиш (*чычкандын чоңу*).

**КРЫСИ'НЫЙ,** -ая, -ое **крыса**-*га т.*; **крыси́ная нора́** келемиштин ийни.

**КРЫСОЛО'В** *м.* кырып-жоюу максаты менен келемиш чычкандарды кармоочу киши.

**КРЫСОЛО'ВКА** *ж.* келемиш чычкандарды кармоочу капкан.

**КРЫ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **крыть; 2.** *прил.* (*с навесом*) бир нерсе менен үстү, төбөсү жабылган (*мис. сарай, үй*).

**КРЫТЬ** *несов.* **1.** *что* (*крышу и пр.*) үстүн жабуу (*мис. үйдүн, сарайдын*); **2.** *что* (*обивать, обшивать*) каптоо, тыштоо (*мис. ичикти*); **3.** *что* (*в карточной игре*) жабуу, басуу (*карта ойнунда*); **4.** *кого-что, перен. разг.* тилдөө, сөгүү; ◇ **ему́ не́чем крыть** *разг.* ал ыгып калды, ыктап калды.

**КРЫ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*заключаться*) негизи, келип чыккан жери болуу (*себеп же ката жөнүндө*); **причи́на э́того кро́ется в том, что...** анын себеби мындан келип чыгат; **2.** *страд. к* **крыть.**

**КРЫ'ША** *ж.* үйдүн төбөсү, үйдүн үстү, чатыр; ◇ **жить под одно́й кры́шей** *с кем-л. бирөө менен* бир үйдө туруу.

**КРЫ'ШКА** *ж.* капкак; ◇ **ему́ кры́шка** *разг.* анын соодасы бүттү.

**КРЮК** *м.* **1.** илчек, илмек; **2.** *разг.* (*окольный путь*) ашык баскан айланма жол.

**КРЮ'ЧИТЬ** *несов. безл. разг. см.* **ко́рчить** 1.

**КРЮЧКОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое: **крючкова́тый нос** куш мурун.

**КРЮЧКОТВО'Р** *м. разг.* болбогон, майда-чүйдө нерсеге формалисттик кылуучу.

**КРЮЧКОТВО'РСТВО** *ср.* болор-болбос нерселерди, формалдуулукту атайын көбөйтүп, аларды өзүнүн керт башынын пайдасын көздөгөн максаттар үчүн пайдалануучулук.

**КРЮЧО'К** *м.* илгич; кайырмак (*для удочки*); илме шибеге (*для вязанья*).

**КРЮШО'Н** *м.* крюшон (*вино менен ромго жаш жемиш аралаштырылган ичкилик*).

**КРЯ'ДУ** *нареч. разг.* катарынан.

**КРЯЖ** *м.* **1.** (*горный*) адырлар кыркасы (*адыр сыяктуу бөксө тоолор*); **2.** (*обрубок бревна*) кыска жоон дөңгөч.

**КРЯ'ЖИСТЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*крепкий, плотный*) кыска, жоон дөңгөчкө окшош; кыска жоон дөңгөч сыяктуу; **2.** *перен.* (*о человеке*) нык, тыгыз денелүү, күчтүү, кажырдуу (*адам тууралу*).

**КРЯ'КАНЬЕ** *ср.* бакылдоо (*өрдөктүн бакылдаганы*).

**КРЯ'КАТЬ** *несов.* **1.** (*об утке*) бакылдоо, бак этүү, бак этип коюу; **2.** (*о человеке*) тамак кыруу, тамагын жасоо.

**КРЯ'КВА** *ж.* жапайы өрдөктүн бир түрү.

**КРЯ'КНУТЬ** *однокр.* **1.** (*об утке*) бак этүү; **2.** (*о человеке*) тамак кырып коюу.

**КРЯХТЕ'НЬЕ** *ср.* ыңырануу, ооруксунуп онтоо.

**КРЯХТЕ'ТЬ** *несов. разг.* ыңырануу, ооруксунуп онтоо.

**КСЁНДЗ** *м.* ксёндз (*польшалык католиктердин попу*).

**КСЕРОФО'РМ** *м. мед.* ксероформ (*күйгөн жерди, жараны дарылаганда колдонула турган жарага, жаракатка себилүүчү саргыч дары*).

**КСИЛОГРА'ФИЯ** *ж.* ксилография (**1.** *жыгачтын бетине, аны оюп, кырып сүрөт тартуу;* **2.** *жыгачтын бетине ушул жол менен тартылган сүрөт, гравюра*).

**КСИЛОФО'Н** *м. муз.* ксилофон (*музыкалык инструменттин бир түрү*).

**КСТА'ТИ** **1.** *нареч.* (*вовремя, в нужный момент*) иретти келгенде, учуру келгенде, орду келгенде, так, керек; **2.** *нареч.* (*вместе с тем*) башкалар менен катар, ошону менен катар, башкалар менен бир, ошонун менен бирге; **да; е́сли бу́дете писа́ть ему́ письмо́, напо́мните кста́ти обо мне** эгерде ага кат жаза турган болсоңуз, мен тууралу да айта (эскерте) кетиңиз; **3.** *в знач. вводн. сл.* айтмакчы, баса; **кста́ти сказа́ть, когда́ вы там бы́ли?** айтмакчы, сиз анда качан болдуңуз?

**КТО** *мест.* **1.** *вопр. и относ.* ким, кимдер; **2.** *разд.* бири, бирөө, бирөөлөргө, бири-экинчиси, бирөөлөрү-экинчилери; **кто в лес, кто по дрова́** *погов.* чаржайыт, баш аламан (*иштешет, ырдашат ж. б.*); **3.** *неопр. разг.* ким, бирөө, бирөөлөр, кимдир бирөө, кимдир бирөөлөр; **кто что лю́бит** ким эмнени сүйөт, ким эмнени жакшы көрөт (*ар кимдин сүйгөнү, жакшы көргөнү бирдей эмес*); ◇ **кто бы ни...** ким болбосун, ким болсо да, ким гана болбосун, ким гана болсо да; **ма́ло ли кто говори́л** ким айтса ал айтсын, иши кылып бирөө айткан го.

**КТО'-ЛИБО** *мест. неопр.* бирөө, бирөөлөр, кимдир бирөө, кимдир бирөөлөр, ким болсо да, ким да болсо, ким гана да, ким гана болбосун, кандай адам болсо да, бирөө.

**КТО'-НИБУДЬ** *мест. см.* **кто́-либо.**

**КТО'-ТО** *мест. неопр.* бирөө, бирөөлөр, кимдир бирөө, кимдир бирөөлөр; **кто́-то сказа́л ему́** ага кимдир бирөө айткан.

**КУБ** I *м.* куб (**1.** *мат. ар бир жагы квадрат болгон алты жактуу фигура;* **2.** *мат. бир санды өз-өзүнө үч мертебе көбөйткөндөн чыккан сан;* **3.** *кубический метрге барабар болгон көлөм чени, мис. бир куб отун*).

**КУБ** II *м.* (*котёл*) куб (*суу кайната турган чорголуу чоң идиш*).

**КУБА'НКА** I *ж. разг.* (*сорт пшеницы*) кубанка, кубанка буудай.

**КУБА'НКА** II *ж.* (*шапка*) тегерек бапак (*баш кийим*).

**КУ'БАРЕМ** *нареч. разг.* тоңкочуктап, тоңкочук атып (*жогорудан төмөн карай катуу тоголонуу, кулоо*).

**КУБА'РЬ** *м.* чимирик (*балдар оюнчугу*).

**КУБАТУ'РА** *ж.* кубатура (*бир нерсенин кубический көлөму, кубический чен менен өлчөөндөгү көлөму*); **кубату́ра ко́мнаты** комнатанын кубатурасы.

**КУ'БИК** *м.* **1.** *разг.* (*мера объёма*) кубик (*кандайдыр бир суюктуктун кубический сантиметри*); **два ку́бика спи́рта** эки кубик спирт; **2. ку́бики** *мн.* кубики (*төрт кырдуу кылып жыгачтан жасап, бетине сүрөт же арипте жабыштырылган балдар оюнчугу*).

**КУБИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **куб** I-*ге т.*; кубический; **куби́ческая фо́рма** куб сыяктуу форма; **куби́ческий метр** кубический метр.

www.bizdin.kg

**КУБОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое куб сыяктуу, куб формалуу.

**КУ'БОВЫЙ,** -ая, -ое коюу көк (*боёк, түс*).

**КУ'БОК** *м.* кубок (*стакан формасындагы металл идиш*); **ку́бок вина́** бир кубок вино; **переходя́щий ку́бок** *спорт.* көчмө кубок, өтмө кубок.

**КУБОМЕ'ТР** *м.* (кубический метр) кубометр (кубический метр).

**КУ'БРИК** *м. мор.* кубрик (*пароходдун командасы үчүн арналган бөлмө*).

**КУБЫ'ШКА** *ж.* **1.** *разг.* (*копилка*) акча жыйнап сактай турган идиш; **2.** *перен. разг.* (*толстушка*) кыска бойлуу, жоон (*аял же кыз же эркек бала*); **3.** *бот.* чөмүч баш (*сууда өсүүчү өсүмдүктүн бир түрү*).

**КУВА'ЛДА** *ж.* кувалда (*оор балка, барскан*).

**КУВШИ'Н** *м.* кумура.

**КУВШИ'НКА** *ж. бот.* чөмүч баш (*сууда өсө турган өсүмдүктүн бир түрү*).

**КУВЫРКА'НЬЕ** *ср.* тоңкочуктоо, тоңкочук атуу, көмөлөнүү, башынан алыс тоголонуу.

**КУВЫРКА'ТЬСЯ** *несов.* тоңкочуктоо, тоңкочук атуу, көмөлөнүү, башынан алыс тоголонуу.

**КУВЫРКНУ'ТЬСЯ** *сов.* бир эле жолу тоңкочуктоо, башынан алыс тоголонуу, көмөлөнүү.

**КУВЫРКО'М** *нареч. разг.* тоңкочуктап, тоңкочук атып.

**КУГУА'Р** *м. зоол.* кугуар (*Америкада жашоочу жапайы чоң мышык*).

**КУДА'** *нареч.* **1.** *вопр.* кайда, кайсы жакка, кайсы жерге, каякка; **2.** *относ.* -ган; **дом, куда́ нас перевели́, был отремонти́рован** бизди көчүрүп киргизген үй ремонттолгон болучу; **3.** *вопр. разг.* (*для чего*) эмне керегн бар, эмне үчүн керек; **куда́ вам сто́лько книг?** силерге мынча китептин эмне керегн бар?; ◇ **куда́ тебе́!** сага кайда! (*колуң кыска, күчүң жетпейт*); **куда́ лу́чше** *разг.* эң эле жакшы; **куда́ глаза́ глядя́т** *разг.* баш оогон жакка; **куда́ ни шло!** *разг.* тобокел!; **хоть куда́** *разг.* укмуш; сонун; **он па́рень хоть куда́** ал сонун жигит эмеспи; **куда́ бы ни...** кайда барсаң да..., бардык жерде...

**КУДА'-ЛИБО** *нареч.* каякка болсо да, кайсы жакка болсо да, бир жерге, кайдадыр бир жакка, кайдадыр бир жерге.

**КУДА'-НИБУДЬ** *нареч. см.* **куда́-либо.**

**КУДА'-ТО** *нареч.* кайдадыр, кайдадыр бир жакка, кайдадыр бир жерге.

**КУДА'ХТАНЬЕ** *ср.* какылдоо.

**КУДА'ХТАТЬ** *несов.* какылдоо.

**КУДЕ'ЛЬ** *ж.* зыгырдын буласы.

**КУДЕ'СНИК** *м. фольк.* сыйкырчы, аяр.

**КУДЛА'ТЫЙ,** -ая, -ое *прост.* сапсагай, барак, самсаалаган.

**КУ'ДРИ** *только мн.* быжыгыр, тармал (*чач, жүн*).

**КУДРЯ'ВИТЬСЯ** *несов. разг.* тармалдануу (*чач, жүн*).

**КУДРЯ'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** быжыгыр, тармал (*чач, жүн*); **2.** *перен.* бужуракай (*мис. кайың*); **3.** *перен.* (*вычурный*) ыгы жок татаал коосдолгон (*стиль, сөз жөнүндө*).

**КУДРЯ'ШКИ** *мн.* (*ед.* **кудря́шка** *ж.*) *разг.* тармал чач.

**КУЗЕ'Н** *м. уст.* кузен (*аталары же энелери бир тууган болгондордун баласы*).

**КУЗИ'НА** *женск. р. к* **кузе́н;** кузина.

**КУЗНЕ'Ц** *м.* темирчи.

**КУЗНЕ'ЦКИЙ,** -ая, -ое **кузнец**-*ге т.*

**КУЗНЕ'ЧИК** *м.* чегиртке.

**КУЗНЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **кузне́чный мо́лот** темирчинин балкасы; **кузне́чный мех** көрүк.

**КУ'ЗНИЦА** *ж.* темирчинин узануучу үйү.

**КУ'ЗОВ** *м.* **1.** кузов (*автомашинанын чанагы*); **2.** *обл.* жөкөдөн же кайыңдын кабыгынан жасалган себет; ◇ **назва́лся груздём — полеза́й в ку́зов** *посл.* өзүңдү эр дедиңби — майданга чык.

**КУКАРЕ'КАТЬ** *несов.* «кукирикү» деп кыйкыруу (*короз жөнүндө*).

**КУКАРЕКУ'** *звукоподр.* кукирикү (*короздун кыйкырганы*).

**КУ'КИШ** *м.* муштумду түйүп, баш бармакты сөөмөй менен ортондун арасынан чыгаруу (*ызалаганда көрсөтүлөт*).

**КУ'КЛА** *ж.* куурчак.

**КУКОВА'ТЬ** *несов.* күкүктөө, күкүлдөө (*күкүктүн «күкүк-күкүк» деп сайрашы*).

**КУ'КОЛКА** *ж.* **1.** *уменьш. от* **ку́кла** кичинекей куурчак; **2.** *зоол.* көпөлөктүн курту (*личинкадан көпөлөк болуп жетилгенге чейинки стадиядагы курт*).

**КУ'КОЛЬ** *м. бот.* карамык (*отоо чөптүн бир түрү*).

**КУ'КОЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **кукла**-*га т.*; **ку́кольный теа́тр** куурчак театры, куурчак ойнотуучу театр; **ку́кольный вид** куурчак өңдүү; ◇ **ку́кольная коме́дия** калп, анткор шаан-шөкөт.

**КУ'КСИТЬСЯ** *несов. разг.* кыңк-мыңк этип, шалпысы бошоо.

**КУ-КУ'** *звукоподр.* кү-кү (*күкүк деп чакыруу*).

**КУКУРУ'ЗА** *ж.* меке жүгөрү, жүгөрү.

**КУКУРУ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **кукуруза**-*га т.*; **кукуру́зное по́ле** меке жүгөрү айдалган талаа; **кукуру́зный хлеб** загара нан, жүгөрү нан; **кукуру́зный поча́ток** жүгөрү сотосу.

**КУКУРУЗОУБО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое жүгөрү жыйнагыч.

**КУКУ'ШКА** *ж.* күкүк.

**КУЛА'К** I *м.* муштум, жудурук; **грози́ть кулако́м** муштум көрсөтүү; ◇ **смея́ться в кула́к** ичипен күлүү.

**КУЛА'К** II *м.* (*богатый крестьянин-эксплуататор*) кулак (*жалданма эмгекти эксплуатациялоочу, башкалардын эмгегинен пайдалануучу, эмгекчилерди эзүүчү бай дыйкан*).

**КУЛА'К** III *м. тех.* кулак (*түрдүү механизмдердеги уркуйган тетик; ал механизмдин башка бөлүктөрүн кыймылга келтирүү милдетин аткарат*).

**КУЛА'ЦКИЙ,** -ая, -ое **кулак** II-*ге т.*; кулактык; **кула́цкий элеме́нт** кулактык элемент.

**КУЛА'ЧЕСТВО** *ср. собир.* кулактар.

**КУЛА'ЧКИ: на кула́чки, на кула́чках** *разг.* муштумдуу, муштум менен койгулашуу.

**КУЛАЧКО'ВЫЙ,** -ая, -ое: **кулачко́вый вал** *тех.* уркугуй вал.

**КУЛА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **кула́чный бой** жаатташып же жекеме-жеке мушташуу.

**КУЛАЧО'К** *м. уменьш. от* **кула́к** I муштумча, кичинекей муштум.

**КУЛЕБЯ'КА** *ж.* кулебяка (*ичине эт, балык ж. б. салып бышырылган чоң сүйрү токоч*).

**КУЛЁК** *м.* кичинекей баштык; кичинекей кагаз баштыкча (*бумажный пакет*); ◇ **из кулька́ в рого́жку** *погов.* артык кылам деп, тыртык кылуу (*түзөлүүнүн ордуна жаман болуу*).

**КУ'ЛИ** *м. нескл.* кули (*Индияда, Кытайда, Японияда, Индонезияда жүк ташуучу, жүк көтөрүүчү, кара жумуш кылуучу адам*).

**КУЛИ'К** *м.* чулдук; ◇ **всяк кули́к своё боло́то хва́лит** *посл.* ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө.

**КУЛИНА'Р** *м.* кулинар (*тамак бышыруунун иретин жакшы билген адам, повар*).

**КУЛИНА'РИЯ** *ж.* кулинария (*тамак бышыруу, даярдоо искусствосу, усталыгы*).

**КУЛИНА'РКА** *женск. р. к* **кулина́р;** кулинарка.

**КУЛИНА'РНЫЙ,** -ая, -ое **кулинария**-*га т.*; **кулина́рная кни́га** кулинария китеби.

**КУЛИ'СА** *ж. тех.* кулиса (*машинанын жүрүшүн алмаштыргыч нерсе*).

**КУЛИ'СЫ** *мн.* (*ед.* **кули́са** *ж.*) *театр.* кулиса (*сахнанын эки жанындагы декорация*); **пройти́ за кули́сы** сахнанын артына өтүү; **за кули́сами** 1) сахнанын артында, сахнанын

www.bizdin.kg

аркасында, ары жагында; 2) *перен.* жашырын түрдө; бармак басты, көз кысты кылып.

**КУЛИ'Ч** *м.* кулич (*таттуу сүйрү нандын бир түрү*).

**КУЛИ'ЧКИ** *только мн.*: **у чёрта на кули́чках** *разг.* капкайда; кап-кайдагы жерде.

**КУЛО'Н I** *м.* кулон (*аялдардын моюнга тагуучу асыл таштуу жасалганын бир түрү*).

**КУЛО'Н II** *м. физ.* кулон (*электр тогун өлчөө единицасы*).

**КУЛУА'РНЫЙ,** -ая, -ое **кулуары**-*га т.*; **кулуа́рные встре́чи** кулуардагы жолугушуулар (*официалдуу эмес, өзүнчө жолугушуп сүйлөшүүлөр*); **из кулуа́рных разгово́ров** имиш-имиштен угулган.

**КУЛУА'РЫ** *только мн.* кулуарлар (*парламент, съезд жана башка заседание өткөрүлүүчү залдын сырт жагындагы бөлмөлөр, үйлөр*); **разгово́ры в кулуа́рах** кулуардагы сөздөр.

**КУЛЬ** *м.* кап (*жөкөдөн жасалган чоң кап*).

**КУЛЬМИНАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое кульминациялык (*эң жогорку даражага жеткен; эң жогорку*).

**КУЛЬМИНА'ЦИЯ** *ж.* кульминация (1. *астр. асмандагы жарык кылуучу телонун меридиан аркылуу өтүшү*; 2. *перен. жогорку өрчүштүн, жогорку чыңалуунун, күч алуунун чокусы, чекити*).

**КУЛЬТ** *м.* 1. табынуу, сыйынуу; **культ со́лнца у дре́вних наро́дов** байыркы элдердин күнгө табынышы; 2. *рел.* культ (*диний ырым-жырымдардын жыйнагы*); **служи́тели ку́льта** дин кызматкерлери (*ыймам, поп ж. б.*); ◇ **культ ли́чности** жеке адамга сыйынуу.

**КУЛЬТ-** *татаал сөздөрдүн «маданий-агартуу» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.*: **культкомиссия** маданий-агартуу комиссиясы.

**КУЛЬТИВА'ТОР** *м. с.-х.* культиватор (*топуракты копшутуп жумшарта турган курал*).

**КУЛЬТИВА'ЦИЯ** *ж.* культивация, культивация кылуу (*жерди культиватор менен иштетүү*).

**КУЛЬТИВИ'РОВАНИЕ** *ср.* 1. өстүрүү, өрчүтүү; 2. *перен.* колдоо, жайылтуу, дагдыга киргизүү.

**КУЛЬТИВИ'РОВАТЬ** *несов. что* 1. (*выращивать*) өстүрүү, өрчүтүү (*мис. өсүмдүк*); 2. *перен.* колдоо, жайылтуу, дагдыга киргизүү.

**КУЛЬТМА'ССОВЫЙ,** -ая, -ое маданий-массалык; **культма́ссовая рабо́та** маданий-массалык иш.

**КУЛЬТОТДЕ'Л** *м.* маданий бөлүм.

**КУЛЬТПОХО'Д** *м.* маданий жүрүш (*маданий агартуу максаты менен чогулуп оюнга баруу*).

**КУЛЬТРАБО'ТНИК** *м.* маданий агартуу кызматкери.

**КУЛЬТТОВА'РЫ** *мн.* маданий товарлар (*эл массасынын маданий таламдарын канааттандыруучу буюмдар*).

**КУЛЬТУ'РА** *ж.* 1. маданият; 2. (*культурность*) маданияттуулук; 3. *с.-х.* өстүрүү, өрчүтүү; **культу́ра хло́пка** пахта өстүрүү; 4. *с.-х.* өсүмдүк (*өстүрүлүүчү, өрчүтүлүүчү өсүмдүктөр*); **сельскохозя́йственные культу́ры** айыл-чарба өсүмдүктөрү; **техни́ческие культу́ры** техникалык өсүмдүктөр; 5. *биол.* культура (*лабораторияда бактерияларды өрчүтүү; ушул жол менен алынган бактериялар*); ◇ **физи́ческая культу́ра** дене тарбиясы.

**КУЛЬТУ'РНО-БЫТОВО'Й,** -а́я, -о́е маданий-турмуштук (*турмушту жана кулк-мүнөздөрдү жакшыртууга багытталган*); **культу́рно-бытово́е обслу́живание** маданий-турмуштук тейлөө.

**КУЛЬТУ'РНО-ВОСПИТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **культу́рно-воспита́тельная рабо́та** маданий-тарбия иши.

**КУЛЬТУ'РНО-ПРОСВЕТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **культу́рно-просвети́тельные учрежде́ния** маданий-агартуу мекемелери.

**КУЛЬТУ'РНОСТЬ** *ж.* маданияттуулук.

**КУЛЬТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. **культура** 1-*ге т.*; маданий; **культу́рные потре́бности** маданий таламдар; **культу́рный у́ровень** маданий деңгээл; 2. (*образованный*) маданияттуу, маданияты бар; **культу́рный челове́к** маданияттуу киши; 3. **ку́льтура** 4-*кө т.*; маданий; **культу́рные расте́ния** маданий өсүмдүктөр; **культу́рный слой земли́** жердин адам иштеткен катмары; ◇ **культу́рная револю́ция** маданий революция.

**КУЛЬТФО'НД** *м.* культфонд (*маданий-агартуу максаттарына арналган акча фондусу*).

**КУЛЬТЯ'** *ж.* молток (*кол, бут*).

**КУЛЬТЯ'ПКА** *ж. разг. см.* **культя́**.

**КУМ** *м.* (*мн.* **кумовья́**) *разг. уст.* кум (1. *баланы чокундуруп ат коюучу кишилердин өз ара бир-бирин же чокундурулган баланын ата-энесин аташы*; 2. *улгайган эркекке кайрылууда айтыла турган сөз*).

**КУМА'** *ж.* 1. *женск. р. к* **кум**; 2. *фольк. орустун элдик жомогунда: түлкүнүн эпитети*; **голо́дная кума́-лиса́ зале́зла в сад** ачка куу түлкү бакка кирди.

**КУМА'Ч** *м.* кумач (*ачык-кызыл түстүү кездеменин бир түрү*).

**КУМАЧО'ВЫЙ,** -ая, -ое **кумач**-*ка т.*

**КУМИ'Р** *м.* 1. бутпарастардын жасалма кудайы, бут; 2. *перен.* аздек.

**КУМИ'РНЯ** *ж.* буткана.

**КУМОВСТВО'** *ср.* 1. кумдардын мамилелери (*см.* **кум**); 2. *перен. разг.* ишке кесирин тийгизип, бир биринин айыбын жашырып, жактоочулук, жардамдаш болуучулук.

**КУ'МУШКА** *ж.* 1. *уменьш.-ласк. от* **кума́**; 2. (*сплетница*) ушакчы (*бирөөлөрдү жамандоону, ушак айтып, калп сүйлөөнү жакшы көргөн аял*).

**КУМЫ'К** *м.* кумык.

**КУМЫ'КИ** *мн.* кумыктар.

**КУМЫ'С** *м.* кымыз.

**КУМЫСОЛЕЧЕ'БНИЦА** *ж.* кымыз менен дарылай турган жай.

**КУМЫСОЛЕЧЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое **кумысолечение**-*ге т.*

**КУМЫСОЛЕЧЕ'НИЕ** *ср.* кымыз менен дарылоо.

**КУМЫ'ЦКИЙ,** -ая, -ое **кумык**-*ка т.*; кумыктык.

**КУМЫ'ЧКА** *женск. р. к* **кумы́к**; кумычка.

**КУНЖУ'Т** *м. бот.* күнжүт (*май чыгуучу өсүмдүктүн бир түрү*).

**КУНЖУ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **кунжут**-*ка т.*; **кунжу́тное ма́сло** күнжүт майы.

**КУ'НИЙ,** -ья, -ье **куница**-*га т.*; **ку́ний мех** суусар териси.

**КУНИ'ЦА** *ж.* суусар.

**КУНСТКА'МЕРА** *ж. уст.* кунсткамера (1. *табигый, тарыхый жана башка сейрек табылуучу нерселердин жыйынтыгы жана ушул нерселерди жыйнап коё турган үй*; 2. *перен. иштен чыккан, керексиз, эски, өткөн доордун калдыгы болгон кишилердин жыйналуу орду*).

**КУПА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **купание**-*ге т.*; **купа́льный сезо́н** сууга түшүү сезону; **купа́льный костю́м** сууга түшкөн кезде кийиле турган кийим.

**КУПА'ЛЬНЯ** *ж.* купальня (*сууга түшүү, чомулуу үчүн жасалган тосмо, орун*).

**КУПА'ЛЬЩИК** *м.* сууга түшүүчү, чомулуучу адам.

**КУПА'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **купа́льщик**.

**КУПА'НИЕ** *ср.* сууга куюнуу, сууга түшүү, сууга чомулуу, киринүү, жуунуу, сууга түшүрүү, сууга чомултуу, киринтүү (*людей*); сууга салуу, сууга куюндуруу (*животных*).

**КУПА'ТЬ** *несов. кого-что* киринтүү, сууга түшүрүү, чомултуу (*людей*); сууга салуу, сууга куюндуруу (*животных*).

**КУПА'ТЬСЯ** *несов.* сууга киринүү, сууга түшүү, чомулуу, куюнуу, жуунуу.

**КУПЕ'** *ср. нескл.* купе (*вагондун пассажирлерге арналган бөлмөсү*).

www.bizdin.kg

**КУПЕ'ЛЬ** *ж. церк.* купель (*христиандын чокунуу ырымы иштеле турган идиши*).
**КУПЕ'Ц** *м.* купец, көпөс, соодагер.
**КУПЕ'ЧЕСКИЙ**, -ая, *-ке* **купец**-*ке т.*
**КУПЕ'ЧЕСТВО** *ср. собир.* купецтер, көпөстөр, соодагерлер.
**КУПИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое купеленген, купеге бөлүнгөн; **купи́рованный ваго́н** купеленген вагон.
**КУПИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** сатып алуу; **2.** *перен. разг.* сатып алуу, сатып алып жактай турган кылуу.
**КУПЛЕ'Т** *м.* **1.** куплет (*ырдын строфасы — бир нече жолдон турган бөлүкчөсү*); **2. куплéты** *мн.* куплеттер (*эстрададан ырдала турган сатиралык ырлар*).
**КУПЛЕТИ'СТ** *м.* куплеттерди аткаруучу артист.
**КУ'ПЛЯ** *ж.* сатып алуу.
**КУ'ПОЛ** *м. архит.* купол (*үйдүн, имараттын же башка нерсенин жарым шарга окшоп тоголок болуп, томпоюп турган төбөсү, үстү*).
**КУПОЛООБРА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое купол сыяктуу.
**КУПО'Н** *м.* купон (**1.** *процентттүү баалуу кагаздардын процентин алуу үчүн кесип алына турган талон*; **2.** *театр ложасындагы бир орунга берилген билет*; **3.** *бир кийимдик кездеме*).
**КУПОРО'С** *м. хим.* купорос, кеперес (*кээ бир металлдык туздардын аты*); **мéдный купоро́с** көк таш.
**КУПОРО'СНЫЙ**, -ая, -ое **купорос**-*ко т.*; **купоро́сное ма́сло** купорос майы (*күкүрт кычкылдын бир түрү*).
**КУ'ПЧАЯ** *ж. или* **ку́пчая кре́пость** *уст.* васика (*козголбос мүлктү сатып алгандыгы жөнүндөгү нотариалдык акт*).
**КУ'ПЧИК** *м. разг. презр.* соодагер сөрөй (*көбүнчө жаш соодагер, купец жөнүндө айтылат*).
**КУПЧИ'ХА** *ж.* **1.** *женск. р. к* **купéц**; **2.** (*жена купца*) купецтин аялы.
**КУПЮ'РА** *ж.* купюра (**1.** *адабий же музыкалык чыгарманын текстин кыскартуу же анын ичинен кээ бир жерин алып таштоо*; **2.** *кандайдыр бир заёмдун же баалуу кагаздын айрым облигациясы*).
**КУРАГА'** *ж.* баргек (*кургатылган данексиз өрүк*).
**КУРА'ЖИТЬСЯ** *несов. разг.* оройлугун көрсөтүү, одонолук кылуу, кылдан кыйкым таап ыргыштоо.
**КУРА'К** *м.* (*нераскрывшиеся коробочки хлопчатника*) косек.
**КУРА'НТЫ** *только мн.* куранттар (*мунарадагы музыкалуу саат*); **Кремлёвские кура́нты** Кремль куранттары.
**КУРГА'Н** *м.* дөбө (*байыркы мүрзөнүн, көрүстөндүн дөбө болуп үйүлүп калган топурагы*).
**КУРГУ'ЗЫЙ**, -ая, -ое *разг.* **1.** (*об одежде*) кыска, тар (*кийим жөнүндө*); **2.** (*с коротким хвостом*) кыска куйрук, чолок куйрук (*кыска куйруктуу, кесилген чолок куйруктуу айбандар жөнүндө*).
**КУРД** *м.* курд.
**КУ'РДСКИЙ**, -ая, -ое **курд**-*га т.*; **ку́рдский язы́к** курд тили.
**КУ'РДЫ** *мн.* курддар.
**КУРДЮ'К** *м.* койдун куйругу, дүмбө.
**КУРДЮ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **курдюк**-*ка т.*; куйруктуу; **курдю́чное са́ло** куйрук майы; **курдю́чная овца́** куйруктуу кой.
**КУ'РЕВО** *ср. разг.* чылым, чылымдык тамеки.
**КУРЕ'НИЕ** *ср.* **1.** тартуу, тамеки тартуу, чылым чегүү; **2.** (*ароматическое вещество*) абдан жыттуу түтүн үчүн күйдүрүп түтөтүлө турган нерсе (зат), ошол затты күйдүрүп түтөтүү; **3.** *тех.* (*добывание перегонкой*) кайнатуу, тартуу жолу менен бир нерсени өндүрүү (алуу) (*мис. кайнатып спирт чыгаруу, спирт тартуу ж. б.*).
**КУРЕННО'Й**, -áя, -óе **курень**-*ге т.*; **куренно́й атама́н** *ист.* курень атаманы.
**КУРЕ'НЬ** *м.* **1.** *обл.* (*шалаш*) алачык; **2.** *ист.* курень (*казак орус аскердин бир бөлүгү*).
**КУРЗА'Л** *м.* курзал (*курортто концерттер жана коомдук жыйналыштар үчүн арналган үй, жай*).
**КУРИА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **курия**-*га т.*; курияулуу; **куриа́льная систéма вы́боров** шайлоолордун курияулуу системасы.
**КУ'РИЙ**, -ья, -ье *обл. см.* **кури́ный; избу́шка на ку́рьих но́жках** кичинекей жыгач үй.
**КУРИ'ЛЬНИЦА** *ж.* жыттуу нерселер жагылып жакшы жыт тарата турган идиш.
**КУРИ'ЛЬНЯ** *ж.* тамеки тартуу бөлмөсү.
**КУРИ'ЛЬЩИК** *м.* тамекичи, бопоросчу адам.
**КУРИ'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **кури́льщик.**
**КУРИ'НЫЙ**, -ая, -ое **курица**-*га т.*; **кури́ное яйцо́** тооктун жумурткасы; ◇ **кури́ная слепота́** 1) *мед.* жарык начар болгон кезде көзү көрбөй калуучу оорунун бир түрү; 2) *см.* **лютик.**
**КУРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **курение** 1-*ге т.*; **кури́тельная ко́мната** тамеки тартуу бөлмөсү.
**КУРИ'ТЬ** *несов. что* **1.** тартуу, тамеки тартуу, чылым чегүү; күйдүрүп аңкыган жыт чыгаруу, таратуу; **2.** *тех.* (*добывать перегонкой*) кайнатуу, тартуу жолу менен бир нерсени өндүрүү (алуу) (*мис. кайнатып спирт чыгаруу, спирт алуу ж. б.*); ◇ **кури́ть фимиа́м** жерге-сууга тийгизбей мактоо, ашыра мактоо, кошаматчылык кылуу.
**КУРИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** тартылуу, кайнатылуу (*мис. спирт*); **2.** (*выделять дымок, пар*) түтүн чыгаруу, буулануу, булоолонуу, буу чыгаруу (*мис. суу, өзөн*); **3.** (*тлеть пра курении*) чылым тартканда түтүн чыгуу; **сыро́й таба́к не ку́рится** суу тамеки күйбөйт.
**КУ'РИЦА** *ж.* тоок; **варёная ку́рица** бышырылган тоок; ◇ **ку́рам на́ смех** *разг.* өтө эле жарыбаган, шылдыңга калардык; **у него́ дéнег ку́ры не клюю́т** *разг.* анын акчасынын жөн эле чети оюлбайт, анын акчасы абдан көп, анын акчасы иттин кара капталынан болуп жатат; **мо́края ку́рица** *разг.* сууга түшкөн тооктой шөлбүрөгөн, дылдыраган бош киши.
**КУ'РИЯ** *ж.* курия (*кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдөгү шайлоо системасында — шайлоочулардын шайлоо кезинде түрдүү разряддарга бөлүнүшү*).
**КУРЛЫ'КАТЬ** *несов. обл.* куркулдоо (*турна жөнүндө*).
**КУРНО'Й**, -áя, -óе: **курна́я изба́** *уст.* очогу морсуз үй.
**КУРНО'СЫЙ**, -ая, -ое кетирекей, быйпык, быйпыгый мурундуу.
**КУРОВО'Д** *м.* тоок асыроочу, тоок тукумдатуучу.
**КУРОВО'ДСТВО** *ср.* тоок асыроо, тоок асыроочулук.
**КУРО'К** *м.* курок (*мылтык, тапанча сыяктуу атылуучу куралдын пистонду уруучу механизми*).
**КУРОЛЕ'СИТЬ** *несов. разг.* ыгы жок чатак (жаңжал) чыгаруу, будуң-чаң чыгаруу.
**КУРОПА'ТКА** *ж.* чил; **ка́менная куропа́тка** кекилик.
**КУРО'РТ** *м.* курорт.
**КУРО'РТНИК** *м.* курортто дарылануучу адам.
**КУРО'РТНИЦА** *женск. р. к* **куро́ртник.**
**КУРО'РТНЫЙ**, -ая, -ое **курорт**-*ко т.*; **куро́ртная коми́ссия** курорт комиссиясы.
**КУРОРТОЛО'ГИЯ** *ж. мед.* курортология (*шыпаа орундардын дарылык касиеттерин текшерүүчү илим*).
**КУРОСЛЕ'П** *м. см.* **лютик.**
**КУ'РОЧКА** *ж. уменьш. от* **ку́рица** кичинекей тоок.
**КУРС** *м.* **1.** (*направление движения*) багыт алуу, бет алуу (*мис. самолёттун, кеменин бир жакты көздөй бет алып жөнөшү ж. б.*); **2.** *перен.* (*направление политики*) багыт (*кандайдыр бир партиянын, өкмөттүн багыты*); **3.** (*изложение научной дисциплины*) курс (*илимий дисциплинанын жыйындысы*); **4.** (*объём обучения*) курс (*кандайдыр бир специальность (адистик) боюнча алынган толук билим*); **око́нчить курс в университéте** университетте курс бүтүрүү; **5.** (*в высшей школе*) курс (*жогорку окуу жайында окуунун бир жылы, бир жылдык баскычы; ошол бир жыл ичинде

www.bizdin.kg

*окуучу студенттер составы*); **перейти на третий курс** үчүнчү курска өтүү; **6.** *мед.* курс (*дарылануу процедурасынын бүтүн бир бөлүгү*); **курс водолечения** суу менен дарылануу курсу; **7.** *эк.* курс (*валюталардын, баалуу кагаздардын, акчалардын акча базарындагы баасы*); ◇ **быть в курсе** кабардар болуу, бир нерсе жөнүндөгү фактыларды же маалыматты билип туруу, алар менен таанышып туруу; **войти в курс дела** ишке түшүнүү.

**КУРСА'НТ** *м.* курсант (**1.** *аскердик мектептерде командалык состав даярдоочу курстун окуучусу*; **2.** *курста окуучу адам*).

**КУРСА'НТКА** *женск. р.* **к курсант**; курсантка.

**КУРСА'НТСКИЙ**, -ая, -ое **курсант**-*ка т.*; курсанттык.

**КУРСИ'В** *м. полигр.* курсив (*кол жазмага окшогон арип, типографиялык шрифт*).

**КУРСИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое **курсив**-*ге т.*; **курсивный шрифт** курсив шрифты (ариби).

**КУРСИ'РОВАТЬ** *несов.* белгилүү пункттар ортосунда дайыма жүрүп туруу.

**КУРСИ'СТКА** *ж. уст.* курсистка (*революциядан мурунку Россияда — жогорку аялдар курсунда окуучу аял*).

**КУРСО'ВКА** *ж.* курсовка (*курортто дарылануга жана тамак ичүүгө укук берүүчү документ*).

**КУРСОВО'Й**, -ая, -ое **курс**-*ка т.*; курстук; **курсовое собрание студентов** студенттердин курстук чогулушу.

**КУ'РСЫ** *мн.* (*учебное заведение*) курс (*окуу жайы*); **курсы по повышению квалификации учителей** мугалимдердин квалификациясын көтөрүү курсу.

**КУРТИЗА'НКА** *ж. уст.* куртизанка (*жогорку адамдар менен мамилелеш болгон аягы суюк аял*).

**КУРТИ'НА** *ж.* куртина (**1.** *бактын ичине ар түрдүү формада тигилген гүл*; **2.** *уст. бастиондордун арасындагы крепосттук валдын бөлүгү*).

**КУ'РТКА** *ж.* куртка (*эркектер кийиминин бир түрү*).

**КУ'РТОЧКА** *ж. уменьш. от* **куртка** кичине куртка.

**КУРЧА'ВИТЬСЯ** *несов. разг.* тармалдануу, тармал болуу.

**КУРЧА'ВЫЙ**, -ая, -ое тармал, тармалдаткан (*о волосах, бороде; о шерсти*); тармал чачтуу (*о человеке*); тармал жүндүү (*о животном*); тармал сакал (*о бороде*).

**КУ'РЫ** *мн. от* **курица**.

**КУРЬЁЗ** *м.* кызык, күлкүлүү нерсе, окуя; ◇ **ради курьёза** көңүл ачуу үчүн, эрмек үчүн, күлүү үчүн.

**КУРЬЕЗНЫЙ**, -ая, -ое кызыктуу, күлкүлүү (*о человеке*); сонуркап карай турган (*напр. случай*).

**КУРЬЕ'Р** *м.* **1.** курьер (*мекемелерде, ишканада, иш кагаздарын ташып жүрүүчү адам*); **2.** *офиц.* курьер (*атайын тапшырмалар боюнча бир жерден экинчи жерге барып жүрүүчү кызматчы адам*); **дипломатический курьер** дипломатиялык курьер.

**КУРЬЕ'РСКИЙ**, -ая, -ое **курьер**-*ге т.*; ◇ **курьерский поезд** курьерский поезд (*эң тез, эң бат*); **на курьерских** *разг.* өтө тез, өтө шашылыш түрдө.

**КУРЯ'ТИНА** *ж.* тоок эти.

**КУРЯ'ТНИК** *м.* тооккана, тоок жата турган жай.

**КУРЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **курить**; **2.** *прил.* тамеки тартуучу; **3.** *в знач. сущ. м.* тамеки тартуучу; **вагон для курящих** тамеки тартуучулар вагону (*тамеки тартуучулар түшүүчү вагон*).

**КУСА'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*зубами*) тиштөө, кабуу (*мис. ит*); **2.** *кого-что* (*жалить*) чагуу (*мис. аары, жыландын чагышы ж. б.*); **3.** *что, тех.* кыпчуу, кыпчытуу, тиштетүү (*мис. аттиш менен сымды, мыкты кыпчып тартуу ж. б.*).

**КУСА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** тиштөө, кабуу (*мис. ит*); **эта собака кусается** бул ит кабат; **2.** (*жалить*) чагуу; **3.** (*друг друга*) өз ара тиштешүү, чайнашуу (*мис. айгыр*); **4.** *перен. разг.* (*быть недоступным по цене*) баасы абдан кымбат болуу.

**КУСА'ЧКИ** *только мн.* аттиш.

**КУСКОВО'Й**, -ая, -ое чагылган, бөлүнгөн, кертилген, майда бөлүктөргө кесилген; **кусковой сахар** чагылган кант.

**КУСО'К** *м.* **1.** бөлүк, тилке (*напр. земли*); тилим, үзүм, кесим (*напр. мяса, хлеба*); бир тоголок (*мыла*); чагым (*напр. сахару*); **кусок хлеба** 1) бир үзүм нан; 2) *разг.* (*пропитание*) оокат, тамак; **верный кусок хлеба** колдо турган табыш; **2.** (*отрез ткани*) бөлүк, топ, такта; ◇ **кусок в горло не идёт** жүрөккө тамак барбайт (*мис. бир нерсеге өтө капа болуп турганда*); **лакомый кусок** *см.* **лакомый**.

**КУСО'ЧЕК** *м. уменьш. от* **кусок** 1.

**КУСТ** I *м.* **1.** бир түп (*бир эле түбүнөн бир нече сабак чыккан майда жыгач*); **куст сирени** бир түп сирень; **2.** (*напр. о пшенице*) бир эле түбүнөн бир нече сабак чыккан чөп өсүмдүк (*мис. буудайдын бир түбү*); ◇ **спрятаться в кусты** өз башын калкалап, ыгып калуу.

**КУСТ** II *м.* (*объединение*) ишкана, артель, үй ээлөөнүн топ болуп бириккени.

**КУСТА'РНИК** *м.* **1.** *см.* **куст** I 1; **2.** (*заросль*) кырчын, бадал.

**КУСТА'РНИКОВЫЕ** *мн.* (*ед.* **кустарниковое** *ср.*) *бот.* бадалсымалдар (*бир топтон бир нече сөңгөк чыгуучу майда жыгач өсүмдүктөр*).

**КУСТА'РНИЧАТЬ** *несов. разг.* **1.** кустардык кылуу (*майда кол өнөрү менен кесип кылуу*); **2.** *пренебр.* жөнөкөй жол менен иштөө, эптеп-септеп иштөө.

**КУСТА'РНИЧЕСТВО** *ср. пренебр.* кустарничество, эң жөнөкөй жол менен, эптеп-септеп иштөө.

**КУСТА'РНЫЙ**, -ая, -ое **1.** кустардык (*фабрикада эмес, кустардык жол менен колдо жасалган*); **кустарные изделия** кустардык буюмдар (*колдо жасалган буюмдар*); **2.** кустардык (*нерсени ушундай жол менен өндүрүшкө арналган*); **кустарная промышленность** кустардык өнөр жай; **3.** *пренебр.* кустардык, эң эле жөнөкөй; эптеп-септеп кыла салган; **кустарный метод** кустардык метод.

**КУСТА'РЩИНА** *ж. разг. см.* **кустарничество**.

**КУСТА'РЬ** *м.* кустарь (*базарга чыгарып сатуу үчүн нерселерди өз үйүндө жөнөкөй жол менен иштеп чыгаруучу, жасоочу майда кол өнөрчү*).

**КУ'СТИК** *м. уменьш. от* **куст** I бир кичине түп.

**КУСТИ'СТЫЙ**, -ая, -ое топ-топ болуп чыгуучу, түп-түп болуп чыгуучу; **кустистая пшеница** топ-топ болуп чыгуучу буудай.

**КУСТИ'ТЬСЯ** *несов.* топ-топ болуп чыгуу, түп-түп болуп чыгуу, топ-топ болуп өсүү (*мис. буудай*).

**КУСТОВО'Й**, -ая, -ое **куст** I-*ге т.*

**КУ'ТАТЬ** *несов. кого-что* ороо, чулгоо.

**КУ'ТАТЬСЯ** *несов.* оронуу, чулгануу.

**КУТЁЖ** *м.* бакылдап-шакылдап, кыйкырышып ичкилик ичүү; арак-шарап ичип күүлөнүп бакылдашуу.

**КУТЕРЬМА'** *ж. разг.* кымгуут, чак-челекей, баш аламан, будуң-чаң, чаң-тополоң.

**КУТИ'ЛА** *м. разг.* убактысын ичкилик ичип өткөргөн адам, аракеч.

**КУТИ'ТЬ** *несов.* **1.** (*пьянствовать*) көп акча сарып кылып, компания болуп, чогулуп алып ичкилик ичип мас болуу; **2.** *разг.* (*развлекаться*) көңүл ачуу; тамаша кылуу.

**КУТНУ'ТЬ** *однокр. см.* **кутить**.

**КУХА'РКА** *ж.* кухарка, ашмачы катын (*үйдө тамак бышыруучу үй кызматчысы болгон аял*).

**КУХМИ'СТЕРСКАЯ** *ж. уст.* кичирээк гана ресторан, столовая.

**КУ'ХНЯ** *ж.* **1.** кухня, ашкана (*тамак-аш бышырыла турган үй, ашкана*); **походная кухня** көчмө ашкана (*казан, очогу бар араба*); **2.** (*подбор кушаний*) тамак-аш, тамак; **кавказская кухня** кавказ тамактары.

**КУ'ХОННЫЙ**, -ая, -ое **кухня** 1-*ге т.*; **кухонная печь** кухнянын меши.

www.bizdin.kg

**КУ'ЦЫЙ,** -ая, -ее *разг.* 1. (*бесхвостый*) куйруксуз, мултук куйрук (*куйругу кесилген*); 2. (*короткий*) кыска, чолок; **куцый пиджак** чолок бешмант; 3. *в знач. сущ. м. обл.* (*заяц*) коён.

**КУ'ЧА** *ж.* 1. үймөк; **куча песку** бир үймөк кум; 2. *перен. разг.* толуп жаткан; **у него куча приятелей** анын жакын тааныштары көп; ◇ **валить всё в одну кучу** *см.* **валить.**

**КУЧЕВО'Й,** -ая, -ое: **кучевые облака** түрмөк булуттар, түрмөк-түрмөк болгон булуттар.

**КУ'ЧЕР** *м.* кучер (*араба айдоочу*).

**КУ'ЧКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **куча** 1 кичинекей үймөк, үймөкчө; 2. (*группа*) кишилердин топтошуп турушу (*кишилердин кичине-кичине топ болуп чогулуп турушу*); **«могучая кучка» русских композиторов** орус композиторлорунун «алибеттүү топчосу» (*19 кылымдын экинчи жартысындагы прогрессивдүү орус композиторлорунун тобу*).

**КУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое чогуу; **кучная стрельба** чогуу бир жерге тийгизген ок.

**кучу, кутишь** *и т. д. наст. вр. от* **кутить.**

**КУШ** *м. разг.* көп акча, көп табыш; **сорвать куш** эмгек кылбай эле, кандайдыр бир амал менен көп акча алуу.

**КУША'К** *м.* белбоо.

**КУ'ШАНЬЕ** *ср.* тамак-аш, тамак.

**КУ'ШАТЬ** *несов. что* тамак жеш.

**КУШЕ'ТКА** *ж.* кушетка (*дивандын бир түрү*).

**КУЩЕ'НИЕ** *ср. с.-х.* түптөнүү, топ-топ болуп чыгуу, түп-түп болуп чыгуу, топ-топ болуп өсүү, бутак жаюу, бутактануу.

**кую, куёшь** *и т. д. наст. вр. от* **ковать.**

**КЮВЕ'Т** *м.* кювет (1. *воен. крепосттун сыртындагы суу толтурулуучу терең аң*; 2. *ж.-д. жолдун эки жанындагы арык*).

**КЮВЕ'ТКА** *ж. фото* кюветка (*фотопластинкаларды жана фотосүрөттөрдү жууп тазартуу үчүн колдонулуучу жалпак идиш*).

# Л

**ЛАБА'З** *м. уст.* лабаз (*дан, ун ж. б. сатылуучу дүкөн*); **мучной лабаз** ун дүкөнү.

**ЛАБА'ЗНИК** *м. уст.* лабазник (*дан, ун ж. б. сатылуучу дүкөндө иштөөчү адам*).

**ЛАБИАЛИЗА'ЦИЯ** *ж. лингв.* лабиализация (*эриндештирүү, кээ бир тыбышты айткан убакта эриндин чормоюп кетиши*).

**ЛАБИАЛИЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое *лингв.* лабиалдашкан (*эриндешкен, эрин чормоюп айтылуучу*); **о, ө, у, ү — лабиализованные звуки** о, ө, у, ү — лабиалдашкан тыбыштар.

**ЛАБИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *лингв.* лабиалдык (*эринчил, эрин катышуусу менен айтылуучу үнсүз тыбыштар; мис.* п, б, м).

**ЛАБИРИ'НТ** *м.* 1. *ист.* лабиринт (*Байыркы Грецияда, Египетте өтө эле татаал, чатыш, жол таап чыгуу кыйын кылып салынган үй*); 2. *перен.* лабиринт, чатышкан нерсе (*татаал нерсе, өтө эле чатышкан нерсе; аргасыз абал*); **легко заблудиться в лабиринте улиц** чатышкан көчөлөрдө адашып кетүү оңой эле; 3. *анат.* лабиринт (*кулактын ички жагы, түп жагы*).

**ЛАБОРА'НТ** *м.* лаборант (*лабораторияда иштөөчү технический же илимий кызматчы*).

**ЛАБОРА'НТКА** *женск. р. к* **лаборант**; лаборантка.

**ЛАБОРА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **лаборант**-*ка т.*; лаборанттык.

**ЛАБОРАТО'РИЯ** *ж.* лаборатория (*техникалык жана илим-изилдөө тажрыйбалары үчүн атайы ылайыкталып жабдылган үй*).

**ЛАБОРАТО'РНЫЙ,** -ая, -ое **лаборатория**-*га т.*; лабораториялык; **лабораторное оборудование** лабораториялык жабдуулар.

**ЛА'ВА** I *ж. геол.* лава (*вулкандардан бүркүлүп чыккан эриген минералдык масса*).

**ЛА'ВА** II *ж. горн.* лава (*забойдогу таш көмүр катмары*).

**ЛА'ВА** III *ж. воен.* лава (*аттуу аскердин айрыкча түзүлүшү жана атака жасоонун бир жолу*).

**ЛАВА'НДА** *ж. бот.* лаванда (*гүлүнөн жыттуу, жыпар май чыгарылуучу бадал өсүмдүктүн бир түрү*).

**ЛАВА'НДОВЫЙ,** -ая, -ое **лаванда**-*га т.*; **лавандовое масло** лаванда майы.

**ЛАВИ'НА** *ж.* 1. көчкү; кар көчкү; 2. *перен.* селдей каптаган нерсе; **лавина войск** селдей каптаган войсколор.

**МА'ССА** *ж.* 1. *физ.* масса (*материянын жана энергиянын өзгөчөлүгү болгон оордук жана инерция*); **едини́ца ма́ссы** массанын единицасы; 2. (*смесь, тестообразное вещество*) масса (*кай бир фабрикаларда жасалуучу кошунду, камырга окшогон коюу нерсе*); **древе́сная ма́сса** жыгач массасы (*кагаз жасала турган жарым фабрикат*); 3. (*множество чего-л.*) көп; **ма́сса наро́ду** көп адам, көп киши; 4. **ма́ссы** *мн.* массалар, көпчүлүк; **наро́дные ма́ссы** эл массалары, эл көпчүлүгү; **трудя́щиеся ма́ссы** эмгекчи массалар; **широ́кие ма́ссы трудя́щихся** эмгекчилердин калың массалары; **связь с ма́ссами** массалар менен болгон байланыш; ◇ **в ма́ссе** көпчүлүгүндө, жалпы алганда.

**МАССА'Ж** *м.* массаж (*айыктыруу максатында денени укалоо, ушалоо*); **лече́ние масса́жем** массаж менен эмдөө.

**МАССАЖИ'СТ** *м.* массажист (*массаж кылууга специалист*).

**МАССАЖИ'СТКА** *женск. р. к* **массажи́ст;** массажистка.

**МАССИ'В** *м.* 1. (*горный*) массив (*тоо тутуму; тоо тулкусу*); 2. массив (*географиялык тиби жагынан окшош кең мейкиндик*); **лесны́е масси́вы** токой массивдери.

**МАССИ'ВНОСТЬ** *ж.* тыгыздык, оордук, чоңдук.

**МАССИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое оор, чоң; **масси́вный стол** оор, чоң үстөл.

**МАССИ'РОВАННЫЙ** I, -ая, -ое *прич. от* **масси́ровать** I.

**МАССИ'РОВАННЫЙ** II, -ая, -ое 1. *прич. от* **масси́ровать** II; 2. *прил. воен.* топтоштурулган; **масси́рованный налёт авиа́ции** авиациянын топтоштурулган чабуулу; **масси́рованный уда́р** топтоштурулган сокку.

**МАССИ'РОВАТЬ** I *несов. кого-что* (*делать массаж*) массаждоо (*укалоо, ушалоо*); **масси́ровать больно́му ру́ку** ооруу адамдын колун массаждоо.

**МАССИ'РОВАТЬ** II *сов. и несов. кого-что, воен.* (*сосредоточивать*) топтоштуруу, топтоо (*мис. войсколорду чабуул жасоо пункттарына жыш топтоо*).

**МАССИРО'ВКА** *ж. воен.* топтоштуруу, топтоо (*мис. войсколорду*).

**МАССОВИ'К** *м.* массовик (*массалык оюн-тамашаны уюштуруучу адам*).

**МАССО'ВКА** *ж. разг.* массовка (1. *кичирээк митинг*; 2. *массалык экскурсия*).

**МА'ССОВОСТЬ** *ж.* массалуулук, көпчүлүктүк; **ма́ссовость спо́рта** спорттун массалуулугу (*спортко көп кишилердин катышкандыгы*).

**МА'ССОВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*относящий к массам*) **массы**-*га т.*; массалык; **ма́ссовая литерату́ра** массалык адабият; **ма́ссовое движе́ние сторо́нников ми́ра** тынчтыкты жактоочулардын массалык кыймылы; 2. (*производимый в большом количестве*) көп чыгарылуучу; **ма́ссовое произво́дство** көп чыгарылуу; **това́ры ма́ссового потребле́ния** көпчүлүк түрдө керектелүүчү товарлар.

**МА'ССЫ** *мн. см.* **ма́сса** 4.

**МАСТА'К** *м. разг.* чебер, уста, маш; **он маста́к спо́рить** ал айтышууга уста.

**МА'СТЕР** *м.* 1. (*на предприятии*) мастер (*өндүрүштүн бир тармагын башкаруучу старший жумушчу*); 2. (*искусный в каком-л. деле*) уста, чебер, уз; **ма́стер на все ру́ки** баары колунан келген уста (чебер); 3. (*достигший высокого умения*) чебер, кылдат (*өз ишин абдан мыкты билүүгө жетишкен специалист*); **ма́стер спо́рта** спорт чебери (*абдан мыкты спортсмендердин наамы*); **мастера́ иску́сств** искусствонун чеберлери; ◇ **де́ло ма́стера бои́тся** *погов.* чымчыкты да касап сойсун (*иштин жөнүн уста билет*).

**МАСТЕРИ'ТЬ** *несов. что, разг.* жасоо, иштөө.

**МАСТЕРИ'ЦА** 1. *ж.* (*в швейной мастерской*) тигүү мастерскаясында иштөөчү аял; 2. *женск. р. к* **ма́стер** 2.

**МАСТЕРОВО'Й** *м. уст.* фабрика же завод жумушчусу.

**МАСТЕРСКА'Я** *ж.* 1. (*производственное помещение*) мастерская (*устакана*); **часова́я мастерска́я** саат мастерскаясы; **сапо́жная мастерска́я** өтүк мастерскаясы; 2. (*часть цеха*) мастерская (*чоң фабрика же завод ишканасынын цехинин бөлүгү*); **инструмента́льная мастерска́я** инструменттер мастерскаясы.

**МАСТЕРСКИ'** *нареч.* усталык менен, чебердик менен; **он мастерски́ рису́ет** сүрөттү ал чебердик менен тартат.

**МА'СТЕРСКИЙ,** -ая, -ое **мастер**-*ге т.*

**МАСТЕРСКО'Й,** -а́я, -о́е уста, чебер, уста иштелген (жасалган), чебер иштелген (жасалган); **мастерска́я рабо́та** чебер иш.

**МАСТЕРСТВО'** *ср.* 1. (*ремесло*) устачылык; **столя́рное мастерство́** жыгач устачылыгы; 2. (*умение, искусность в чём-л.*) усталык, чебердик; **с больши́м мастерство́м** зор чебердик менен.

**МАСТИ'КА** *ж.* мастика (1. *скульптура буюмдарын иштөөдө жабыштыруу, шыбоо үчүн колдонулуучу, түрдүү составдуу коюу нерсе*; 2. *пол сүрүү үчүн мом аралаштырылган состав*; 3. *мастика жыгачынын чайыры*).

**МАСТИ'КОВЫЙ,** -ая, -ое **мастика**-*га т.*; **масти́ковое де́рево** мастика жыгачы; **масти́ковая смола́** мастика чайыры.

**МАСТИ'СТЫЙ,** -ая, -ое (*о лошади*) жакшы түстүү (*жылкы жөнүндө*).

**МАСТИ'ТЫЙ,** -ая, -ое беделдүү, сыйлуу; **масти́тый учёный** беделдүү окумуштуу.

**МАСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **мастика** 1-*ге т.*; **масти́чное изде́лие** мастикадан жасалган нерсе.

www.bizdin.kg

**МАТРО'С** *м.* матрос (*командалык составка кирбеген рядовой моряк*).

**МАТРО'СКА** *ж. разг.* матроска (1. *матростун жазы кайырма жакалуу көйнөгү*; 2. *аялдын жана балдардын жогорку сыяктуу болуп тигилген көйнөгү*; 3. *балдардын матрос шапкасына окшош баш кийими*).

**МАТРО'ССКИЙ,** -ая, -ое **матрос**-*ко т.*; **матро́сская блу́за** матрос блузасы; **матро́сский та́нец** матрос бийи.

**МА'ТУШКА** *ж. уст.* 1. (*мать*) эне; 2. *прост.* (*обращение к пожилой женщине*) байбиче (*жашап калган аялга карай айтылган сөз*); 3. *разг.* (*жена священника*) поптун аялы; ◇ **ма́тушки!** *разг.* кокуй!, апей!

**МАТЧ** *м. спорт.* матч (*мөрөй, пасташуу*); **футбо́льный матч** футбол матчы.

**МАТЬ** *ж.* эне; **многоде́тная мать** көп балалуу эне.

**МАТЬ-И-МА'ЧЕХА** *ж. бот.* өгөй эне (*сары гүлдүү, көп жылдык өсүмдүктүн бир түрү*).

**МА'УЗЕР** *м.* маузер (*тез атылма тапанчанын бир түрү; мылтыктын бир түрү*).

**МАХ** *м.* бир айлануу (*один оборот*); бир кагуу (*один взмах*); ◇ **дать ма́ху** *разг.* жаңылуу, жаздым кылуу; **ма́хом** *разг.* бат, тез, чапчаң, шып этип, шап этип; **одни́м ма́хом** *или* **еди́ным ма́хом** *или* **с одного́ ма́ху** бир ирмөө менен, бир умтулуу менен; **с ма́ху** алды-артын карабастан эле, ойлобостон эле.

**МАХАО'Н** *м.* махаон (*көпөлөктүн бир түрү*).

**МАХА'ТЬ** *несов. чем* 1. булгоо, булгалоо; жаңдоо (*рукой*); **маха́ть платко́м уезжа́ющим** кетип бараткан кишиге коштошуп, жоолук булгалоо; 2. (*крыльями*) ирмөө, сермөө, кагуу (*мис. куш канатын*); ◇ **по́сле дра́ки кулака́ми не ма́шут** *погов.* жоо кеткенден кийин кылычыңды ташка чап.

**МАХИ'ЗМ** *м. филос.* махизм (*19 кылымдын аягында философиядагы реакциячыл субъективдик идеалисттик агым*).

**МАХИ'НА** *ж. разг.* лакыйган, олчойгон, килейген, эбегейсиз.

**МАХИНА'ЦИЯ** *ж. разг.* махинация, амал, куулук, митаамчылык, алдамчылык.

**МАХНУ'ТЬ** *сов.* 1. жаңдап коюу, булгалап коюу (*бир жолу*); 2. сермеп коюу, кагып коюу (*мис. куш канатын бир жолу сермеп коюу*); 3. *разг.* (*прыгнуть*) алыс ыргуу, секирүү; **он махну́л че́рез забо́р** ал дубалдан алыс ыргыды; 4. *разг.* (*отправиться куда-л.*) жылт коюу (*бир жакка тез жүрүп, жөнөп кетүү*); **он вчера́ махну́л в Ош** ал кече Ошко жылт коюп жөнөп кетти; ◇ **махну́ть руко́й** *на кого-что-л.* кол шилтеп басып кетүү (*иштн таштап баса берүү*); **махну́ть на всё руко́й** баарына кол шилтеп басып кетүү.

**МАХОВИ'К** *м. тех.* маховик; *см.* **махово́й** 2 (**махово́е колесо́**).

**МАХОВО'Й,** -а́я, -о́е 1.: **махов́ые пе́рья** *зоол.* чалгын канат; 2.: **махово́е колесо́** *тех.* маховой дөңгөлөк (*механизмдин кыймылын жөнгө салып туруучу чоң дөңгөлөк*).

**МАХО'РКА** *ж.* махорка (*тамекинин бир түрү*).

**МАХО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое **махорка**-*га т.*; **махо́рочный дым** махорканын түтүнү.

**МАХРО'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. *бот.* тармал (*желекчелери көп*); **махро́вый цвето́к** тармал гүл; 2. *перен. разг.* (*отъявленный*) ашынган.

**МА'ЧЕХА** *ж.* өгөй эне.

**МА'ЧТА** *ж.* мачта (1. *мор. кемеде парус бекитилүүчү мамы*; 2. *электр сымдары асылуучу, сигнал берүүчү ж. б. колдонулуучу бийик мамы*).

**МА'ЧТОВЫЙ,** -ая, -ое **мачта**-*га т.*; **ма́чтовый лес** мачта жасалуучу жыгач.

**МАШ** *м.* (*род фасоли*) маш буурчак.

**МАШИ'НА** *ж.* 1. машина (*бир жумушту аткаруучу механизм*); **парова́я маши́на** буу менен жүрө турган машина; **шве́йная маши́на** кийим тигүүчү машина; 2. *разг.* (*автомобиль*) машина; 3. *перен.* машина (*механизмге окшоп аракет кылуучу нерсе тууралу*); **вое́нная маши́на** согуш машинасы.

**МАШИНА'ЛЬНО** *нареч.* машинадай болуп, эс катышпай эле, эрктен тыш эле, ойлонбостон эле; **отве́тить машина́льно** ойлобостон эле (эс катышпай эле) жооп бере салуу.

**МАШИНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое машинадай, эс катышпастан, эрктен тыш.

**МАШИНИЗА'ЦИЯ** *ж.* машинизация, машиналаштыруу (*механикалашкан жабдыктар менен жабдуу*).

**МАШИНИЗИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **машинизи́ровать;** 2. *прил.* машиналаштырылган; **машинизи́рованное произво́дство** машиналаштырылган өндүрүш.

**МАШИНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* машиналаштыруу.

**МАШИНИ'СТ** *м.* машинист (1. *машина айдоочу, жүргүзүүчү киши*; 2. *паровоз айдоочу киши*).

**МАШИНИ'СТКА** *ж.* машинистка (*жазма машинканы басуучу аял*).

**МАШИ'НКА** *ж.* машинка (1. *жазма машинка*; 2. *чач алуучу аспап*).

**МАШИ'ННО-МЕЛИОРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое: **маши́нно-мелиорати́вная ста́нция (ММС)** машиналык-мелиоративдик станция (ММС).

**МАШИ'ННО-ТРА'КТОРНЫЙ,** -ая, -ое: **маши́нно-тра́кторная ста́нция (МТС)** машина-трактор станциясы (МТС).

**МАШИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **машина**-*га т.*; машиналык; **маши́нная обрабо́тка** машина менен иштетүү.

**МАШИНОВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* машина таануу (*машиналар жана алардын жумушу жөнүндөгү илим*).

**МАШИНОПИ'СНЫЙ,** -ая, -ое **машинопись**-*ге т.*; **машинопи́сный текст** машинкага басылган текст; **машинопи́сное бюро́** машинкага басуу бюросу.

**МАШИ'НОПИСЬ** *ж.* машинкага басуу; **ку́рсы маши́нописи** машинкага басууга үйрөтүү курсу.

**МАШИНОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* машина жасоо (*машина жасап чыгаруу*); **успе́хи в о́бласти машинострое́ния** машина жасоо жагынан ийгиликтер.

**МАШИНОСТРОИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **машиностроение**-*ге т.*; машина жасоочу; **машиностро́ительный заво́д** машина жасоочу завод.

**МАЭ'СТРО** *м. нескл.* маэстро (*ири музыкант жана композитордун ардактуу наамы*).

**МАЯ'К** *м.* маяк (*деңиз жээгиндеги сигнал чырак коюлган мунара*).

**МА'ЯТНИК** *м.* маятник (1. *салаңдатып асылган теңселме таякча*; 2. *саат механизмин кыймылга келтирүүчү саат ичиндеги дөңгөлөкчөсү*).

**МА'ЯТЬСЯ** *несов. разг.* жүдөө, жабыгуу, чүнчүү, алсыроо, шилтиси куруу.

**МАЯ'ЧИТЬ** *несов. разг.* сороюу, короюу, оркоюу; **вдали́ ма́ячили три де́рева** алыста үч жыгач сороюп турду.

**МГЛА** *ж.* 1. мунарык, боз; **густа́я мгла оку́тала лес** токойду коюу мунарык каптап турду; 2. (*сумрак, темнота*) күүгүм, караңгы.

**МГЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое мунарыктуу; **мгли́стый ве́чер** мунарыктуу кеч.

**МГНОВЕ'НИЕ** *ср.* көз ирмегенче, көз ачып жумганча; **в одно́ мгнове́ние** көз ачып жумганча эле; **в мгнове́ние о́ка** көз ирмегенче.

**МГНОВЕ'ННО** *нареч.* көз ирмегенче, көз ачып жумганча, өтө тездик менен.

**МГНОВЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое көз ирмегенче, көз ачып жумганча, өтө тез; **мгнове́нное де́йствие** өтө тез аракет, көз ачып жумганча болгон аракет.

**МЕА'НДР** *м. геол.* меандр (*суунун имериликтери*).

**МЕ'БЕЛЬ** *ж.* мебель (*үй шаймандары: орундук, шкаф ж. б.*); **мя́гкая ме́бель** жумшак мебель.

www.bizdin.kg

**МЕ'БЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое мебель-*ге т.*; **мéбельный магазин** мебель магазини.

**МЕ'БЕЛЬЩИК** *м.* мебелчи (*мебель устасы*).

**МЕБЛИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **меблировáть;** 2. *прил.* мебелделген; **меблирóванная квартúра** мебелделген (мебель менен жабдылган) квартира; ◇ **меблирóванные кóмнаты** *уст.* мебелделген комнаталар (*гостиницанын бир түрү*).

**МЕБЛИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* мебелдөө (*мебель менен жабдуу*).

**МЕБЛИРО'ВКА** *ж.* 1. мебелдөө; 2. мебель (*мебелдердин жыйындысы*).

**МЕГАФО'Н** *м.* мегафон (*катуу сүйлөөчү чоң рупор*).

**МЕГЕ'РА** *ж.* ажаан аял.

**МЕГО'М** *м. физ.* мегом (*туруштук берүү единицасы, бул бир миллион омго барабар*).

**МЁД** *м.* 1. бал; 2. (*напиток*) ачыткан бал (*ичкилик*); ◇ **твоими бы устáми да мёд пить** *погов.* баары сенин айтканыңдай болуп чыкса, эң сонун болбос беле.

**МЕД=** *«медициналык» деген маанини билдирүүчү кыскартуу; мис.*: **медпýнкт** медициналык пункт; **медобслýживание** медициналык тейлөө.

**МЕДАЛИ'СТ** *м.* медалист (*эң жакшы окугандыгы үчүн мектеп бүтүргөн кезде медаль алган жигит*).

**МЕДАЛИ'СТКА** *женск. р. к* **медалúст;** медалистка.

**МЕДА'ЛЬ** *ж.* медаль; **медáль «За боевы́е заслýги»** «Күжүрмөндүк кызмат үчүн» медаль; **медáль «За отвáгу»** «Эрдик үчүн» медаль; **медáль «За трудовóе отличúе»** «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медаль; ◇ **оборóтная сторонá медáли** медалдын тескери жагы (*кандайдыр бир иштин жаман жагы*).

**МЕДАЛЬО'Н** *м.* медальон (*сүйрү же тегерек кылып жасалган, ичинде бирөөнүн сүрөтү же жазуу бар, моюнга асып же тим катып жүрүүчү, кичинекей куту*).

**МЕДВЕ'ДИЦА** *ж.* ургаачы аюу; ◇ **Большáя Медвéдица** *астр.* Чоң Жетиген, Жети Аркар (*жылдыздар тобу*); **Мáлая Медвéдица** *астр.* Кичи Жетиген, Алты Аркар (*жылдыздар тобу*).

**МЕДВЕ'ДЬ** *м.* 1. аюу; 2. *перен. разг.* долдойгон, копол адам.

**МЕДВЕЖА'ТИНА** *ж.* аюу эти, аюунун эти.

**МЕДВЕЖА'ТНИК** *м.* 1. (*охотник*) аюу уулоочу, атуучу аңчы; 2. (*вожак медведя*) үйрөтүлгөн аюуну жетелеп жүрүүчү адам; 3. (*помещение в зверинце*) аюукана (*аюу туруучу үй*).

**МЕДВЕ'ЖИЙ,** -ья, -ье медведь-*ге т.*; **медвéжья шкýра** аюу териси; **медвéжья шýба** аюу тон; ◇ **медвéжий ýгол** түнт жер; **медвéжья услýга** чылпагын аламын деп, көзүн чукуу; артык кылам деп, тыртык кылуу.

**МЕДВЕЖО'НОК** *м.* (*мн.* **медвежáта**) аюунун баласы (*аюунун күчүгү*).

**МЕДЕПЛАВИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **медеплавúльная печь** *тех.* жез эритүүчү меш.

**МЕДЖИЛИ'С** *м. см.* **меджлис.**

**МЕДЖЛИ'С** *м.* меджлис (*Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө (мис. Турцияда, Иранда) — парламенттин же анын палаталарынын биринин аты*).

**МЕДИА'НА** *ж. мат.* медиана (*үч бурчтуктун чокусунан каршы жаткан кабыргасына карай жүргүзүлгөн сызык*).

**МЕДИА'ЦИЯ** *ж. дип.* медиация (*эл аралык талашта, бул талашка катышпаган үчүнчү мамлекеттин арага түшүүсү*).

**МЕ'ДИК** *м.* медик (1. *доктор, врач*; 2. *жогорку медициналык окуу жайынын студенти*).

**МЕДИКАМЕ'НТЫ** *мн.* (*ед.* **медикамéнт** *м.*) медикаменттер (*дары-дармек*).

**МЕ'ДИКО-ХИРУРГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое медико-хирургиялык.

**МЕДИНСТИТУ'Т** *м.* (медицúнский институ́т) мединститут (медициналык институт, медицина институту).

**МЕДИЦИ'НА** *ж.* медицина; **судéбная медицúна** соттук медицина; **эксперименти́альная медицúна** эксперименталдык медицина.

**МЕДИЦИ'НСКИЙ,** -ая, -ое **медицина**-*га т.*; медициналык; **медицúнский институ́т** медицина институту; **медицúнская сестрá** медициналык сестра (*ооруларды кароочу, багуучу жана врачка жардамдашуучу, медицинада иштөөчү, кичи кызматчы аял*).

**МЕДИ'ЧКА** *женск. р. к* **мéдик** 2; медичка.

**МЕ'ДЛЕННО** *нареч.* акырын, акырындык менен, жай; ◇ **мéдленно, но вéрно** бир аз акырын болсо да, туура баратат.

**МЕ'ДЛЕННОСТЬ** *ж.* акырындык, жайбаракаттык.

**МЕ'ДЛЕННЫЙ,** -ая, -ое акырын, жай, жайбаракат, кешүүн; **варúть на мéдленном огнé** акырын күйгөн отко бышыруу (*тамакты*).

**МЕДЛИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* бошоңдук менен, шамдагай эмес, кыбыр, кыбырдык менен.

**МЕДЛИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* бошоңдук, шамдагай эместик, кыбырдык.

**МЕДЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бошоң, шамдагай эмес, кыбыр; **он óчень медлúтельный человéк** ал абдан кыбыр адам.

**МЕ'ДЛИТЬ** *несов.* созуу, кечиктирүү; **мéдлить с отвéтом** жоопту кечиктирүү; **не мéдля ни минýты** бир минута да кечиктирбей.

**МЕ'ДНИК** *м.* мискер.

**МЕ'ДНО-КРА'СНЫЙ,** -ая, -ое түсү кызыл жездин түсүндөй, кызыл жез түстүү.

**МЕДНОЛИТЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое: **меднолитéйный завóд** жез куюу заводу, жез куюучу завод.

**МЕДНОЛО'БЫЙ,** -ая, -ое *разг.* маң баш, келесоо, маңыроо, кеңкелес.

**МЕДНОПЛАВИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жез эритүүчү.

**МЕДНОПРОКА'ТНЫЙ,** -ая, -ое: **меднопрокáтный завóд** жез прокат заводу.

**МЕДНОРУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое жез кени бар, жез кендүү.

**МЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое медь-*ге т.*; **мéдная посýда** жез идиш; **мéдная рудá** жез кени; ◇ **мéдный век** *археол.* жез доору (*коло доору менен таш доорунун ортосундагы, жезден жасалган буюмдар чыккан доор*); **мéдный лоб** *разг.* маң баш, келесоо киши.

**МЕДОБСЛУ'ЖИВАНИЕ** *ср.* (медицúнское обслýживание) медициналык тейлөө.

**МЕДО'ВЫЙ,** -ая, -ое мёд-*го т.*; **медóвый зáпах** бал жыты; ◇ **медóвый мéсяц** ысыкчылык айы (*үйлөнгөндөн соңку бир ай*); **медóвые рéчи** бал тил менен сүйлөө.

**МЕДОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое балдуу; **медонóсные растéния** балдуу өсүмдүктөр.

**МЕДОСМО'ТР** *м.* (медицúнский осмóтр) медосмотр, медициналык кароо.

**МЕДОТОЧИ'ВЫЙ,** -ая, -ое *уст.* бал тилдүү, жумшак тилдүү.

**МЕДПЕРСОНА'Л** *м.* (медицúнский персонáл) медперсонал (медициналык персонал, медицина кызматкерлери).

**МЕДПО'МОЩЬ** *ж.* (медицúнская пóмощь) медициналык жардам.

**МЕДПУ'НКТ** *м.* (медицúнский пункт) медпункт, медициналык пункт.

**МЕДРЕСЕ'** *ср. нескл.* медресе (*мусулмандардын жогорку диний мектеби*).

**МЕДСЕСТРА'** *ж.* (медицúнская сестрá) медсестра, медициналык сестра.

**МЕДУ'ЗА** *ж. зоол.* медуза (*килкилдеген тунук деңиз деңиз жаныбары*).

**МЕДЬ** *ж.* 1. жез; мис; 2. *разг.* (*мéдные дéньги*) чака, тыйын.

www.bizdin.kg

**МЕДЯ'К** *м. разг.* жез тыйын.
**МЕДЯНИ'ЦА** *ж. зоол.* кескелдириктин бир түрү.
**МЕДЯ'НКА** *ж.* **1.** *зоол.* жыландын бир түрү; **2.** *хим.* медянка (*уксус-жездүү уу туз*); **3.** *тех.* медянка (*жашыл боёктун бир түрү*).
**МЕЖ** *предлог см.* **между.**
**МЕЖ**- *татаал сөздөрдүн «аралык», «ортосундагы» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **межрайо́нный** райондор ортосундагы, район ортолук.
**МЕЖА'** *ж.* чек (*айрым жер участкаларынын чеги*).
**МЕЖБИБЛИОТЕ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое библиотекалар ортосундагы; **межбиблиоте́чный абонеме́нт** библиотекалар ортосундагы абонемент.
**МЕЖВИДОВО'Й**, -а́я, -о́е *биол.* түркүмдөр ортосундагы; **межвидово́е скре́щивание** түркүмдөр ортосундагы аргындаштыруу.
**МЕЖДОМЕ'ТИЕ** *ср. грам.* сырдык сөз.
**МЕЖДОУСО'БИЕ** *ср. ист.* ич ара тартыш (*мамлекеттин өз ич арасында тартыш, айрым феодалдардын, князьдардын өз ара согушу*).
**МЕЖДОУСО'БИЦА** *ж. см.* **междоусо́бие.**
**МЕЖДОУСО'БНЫЙ**, -ая, -ое: **междоусо́бная война́** *ист.* ич ара согуш.
**МЕ'ЖДУ** *предлог с твор. п.* **1.** *во мн. ч. также с род. п.* (*посреди*) арасында, аралыгында; **ме́жду две́рью и окно́м** эшик менен терезенин аралыгында; **2.** (*в промежутке времени*) арасында; **ме́жду двена́дцатью и ча́сом** саат бир менен он экинин арасында; **3.** (*среди*) арасында, ичинде; **они́ говори́ли ме́жду собо́й** алар өз ара сүйлөштү; **ме́жду детьми́** балдар арасында; **ме́жду на́ми** экөөбүздүн арабызда, экөөбүздүн ортобузда; ◇ **ме́жду на́ми** *или* **ме́жду на́ми говоря́** экөөбүздүн гана ичибизде болсун; **ме́жду де́лом** ара-чолодо; **ме́жду про́чим** 1) *нареч.* ара-чолодо; 2) *вводн. сл.* айтмакчы; **ме́жду тем** бирок да, ошондой болсо да, ошондой боло туруп да; **ме́жду двух огне́й** *погов.* бир жак жар, бир жак суу (*эки коркунучтун ортосу*).
**МЕЖДУ**- *татаал сөздөрдүн «аралык», «ортосундагы» деген маанини бере турган биринчи бөлүгү; мис.* **междугоро́дный** шаар аралык.
**МЕЖДУА'ТОМНЫЙ**, -ая, -ое атом аралыгындагы; **междуа́томное взаимоде́йствие** атом аралыгындагы өз ара аракет.
**МЕЖДУВЕ'ДОМСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое мекемелер ортосундагы; **междуве́домственная перепи́ска** мекемелер ортосундагы жазышуулар.
**МЕЖДУГОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое шаарлар аралыгындагы (ортосундагы), шаар аралык; **междугоро́дная телефо́нная ста́нция** шаар аралык телефон станциясы.
**МЕЖДУНАРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое эл аралык; **междунаро́дная обстано́вка** эл аралык абал; **междунаро́дная солида́рность трудя́щихся** эмгекчилердин эл аралык тилектештиги; **междунаро́дное пра́во** *юр.* эл аралык укук; **Междунаро́дный же́нский день** Эл аралык аялдар күнү.
**МЕЖДУПЛЕМЕННО'Й**, -а́я, -о́е уруулар ортосунда болуучу (*мис. мамиле*).
**МЕЖДУПУ'ТЬЕ** *ср. ж.-д.* эки жолдун ортосу.
**МЕЖДУРЁБЕРНЫЙ**, -ая, -ое *см.* **межрёберный.**
**МЕЖДУРЕ'ЧЬЕ** *ср.* дарыя аралык (*эки дарыя ортосундагы жер*).
**МЕЖДУРЯ'ДНЫЙ**, -ая, -ое **междурядье**-*ге т*; **междуря́дная обрабо́тка посе́вов** эгиндин катар аралыгын иштөө.
**МЕЖДУРЯ'ДЬЕ** *ср. с.-х.* катар аралыгы.
**МЕЖДУЦА'РСТВИЕ** *ср. ист.* бир падыша түшүп же өлгөндөн кийин ордуна экинчи падыша такка отурганга чейинки убакыт.
**МЕЖЕВА'НИЕ** *ср.* чек салуу (*жер участокторунун аралыгына чек салуу*).
**МЕЖЕВА'ТЬ** *несов. что* чек салуу.
**МЕЖЕВО'Й**, -а́я, -о́е **межа**-*га т.*; чекти билдирүүчү, чекти көрсөтүүчү; **межево́й знак** чек белгиси.
**МЕЖЗАВО'ДСКИЙ**, -ая, -ое завод аралык.
**МЕЖЗАВОДСКО'Й**, -а́я, -о́е *см.* **межзаво́дский.**
**МЕЖЗУ'БНЫЙ**, -ая, -ое: **межзу́бный звук** *лингв.* тишчил тыбыш (*тилдин учу менен кашка тиштердин ортосуна жасалып айтылуучу*).
**МЕЖКЛЕ'ТОЧНЫЙ**, -ая, -ое *биол.* клетка аралык.
**МЕЖКОЛХО'ЗНЫЙ**, -ая, -ое колхоздордун ортосундагы; **межколхо́зная больни́ца** колхоздордун ортосундагы оорукана.
**МЕЖКО'СТНЫЙ**, -ая, -ое *анат., мед.* сөөк арасындагы; **межко́стная о́пухоль** сөөк арасындагы жумшак жериндеги шишик.
**МЕЖНАЦИОНА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое улуттар ортосундагы, улуттардын ортосундагы.
**МЕЖОБЛАСТНО'Й**, -а́я, -о́е областтардын ортосундагы.
**МЕЖПЛАНЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое планеталар аралыгындагы, планеталар арасындагы; **межплане́тное простра́нство** планеталар аралыгындагы мейкиндик.
**МЕЖПОЛО'СЬЕ** *ср.* ала (*айдоо арасындагы ала*).
**МЕЖПОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое породалар ортосундагы; **межпоро́дное скре́щивание** породалар ортосундагы аргындаштыруу.
**МЕЖРАЙО'ННЫЙ**, -ая, -ое район ортолук, райондор ортосундагы (*бир нече райондор үчүн жалпы; бир нече районго тийиштүү*); **межрайо́нная конфере́нция** район ортолук конференция.
**МЕЖРЁБЕРНЫЙ**, -ая, -ое *анат.* кабырганын арасындагы; **межрёберные мы́шцы** кабырганын арасындагы булчуңдар.
**МЕЖСЕССИО'ННЫЙ**, -ая, -ое сессиялар аралыгында, сессиялардын арасындагы убакытта болуучу; **межсессио́нное совеща́ние** сессиялар аралыгындагы кеңешме.
**МЕЖСОЮ'ЗНЫЙ**, -ая, -ое союздардын ортосунда болуучу, союздардын ортосундагы (*мис. профсоюздардын жана башка союздардын ортосунда болуучу*).
**МЕЖЦЕХОВО'Й**, -а́я, -о́е цехтердин ортосундагы, цехтер ортосунда болуучу; **межцехово́е соревнова́ние** цехтердин ортосундагы мелдеш.
**МЕЗДРА'** *ж.* **1.** (*подкожный слой*) теринин чели; **2.** (*изнанка кожи*) теринин чылгый жагы.
**МЕЗДРИ'ТЬ** *несов. что* челдөө (*терини челинен тазалоо*).
**МЕЗОЗО'ЙСКИЙ**, -ая, -ое: **мезозо́йская э́ра** *геол.* мезозой эрасы (*жер жүзүнө биринчи мертебе канаттуулар, сүт эмүүчүлөр жана сойлогуч эң чоң жаныбарлардын пайда болушун мүнөздөөчү, жердин өсүү тарыхынын орто (төртүнчү) эрасы*).
**МЕЗОНИ'Н** *м.* мезонин (*үйдүн төбөсүнүн ортосуна курулган кичирээк үй*).
**МЕКСИКА'НЕЦ** *м.* мексиканец, мексикалык.
**МЕКСИКА'НКА** *женск. р. к* **мексика́нец;** мексиканка.
**МЕКСИКА'НСКИЙ**, -ая, -ое **Мексика**-*га т.*
**МЕКСИКА'НЦЫ** *мн.* мексиканецтер, мексикалык.
**МЕЛ** *м.* бор.
**мёл, мела́** *и т. д. прош. вр. от* **мести́.**
**МЕЛАНХО'ЛИК** *м.* **1.** *мед.* меланхолик (*меланхолия менен ооруган киши*); **2.** *разг.* (*склонный к грусти*) асан кайгы, кайгы баш, капачыл.
**МЕЛАНХОЛИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое асан кайгы, кайгычыл, капачыл, түнт; **меланхоли́ческий хара́ктер** түнт мүнөз.
**МЕЛАНХОЛИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое *см.* **меланхоли́ческий.**
**МЕЛАНХО'ЛИЯ** *ж.* **1.** *мед.* меланхолия (*ич бышуу, капалануу, кайгылануу оорусу*); **2.** *разг.* (*уныние*) асан кайгылык, кайгы баштык.
**МЕЛЕ'ТЬ** *несов.* соолуу, тайыз тартуу; **э́то о́зеро с ка́ждым го́дом мелеёт** бул көл жылдан жылга соолуп баратат.
**МЕЛИНИ'Т** *м. хим.* мелинит (*эң күчтүү жарылма заттын бири*).

www.bizdin.kg

**МЕЛЬКА'ТЬ** *несов.* 1. булбуйдөө, үлбүлдөө, жылтылдоо; **впереди мелькали огни** алды жакта от жылтылдады; 2. *перен.* (*напр. в сознании*) элес-булас эске түшүү.

**МЕЛЬКНУ'ТЬ** *однокр.* 1. жылт этүү, булбул этүү, жылт эте түшүү, булбул эте түшүү; **впереди мелькнул огонёк** алды жактан от жылт эте түштү; 2. *перен.* (*напр. в сознании*) шап этип эске түшүү, эске шап этип түшө калуу; **у него мелькнула мысль** анын эсине шап этип бир ой түшө калды.

**МЕ'ЛЬКОМ** *нареч.* 1. (*на короткое время*) бир аз убакыт; чала-була; **видеть мельком** чала-була көрүп калуу; 2. (*бегло*) чала-була; **я об этом слышал мельком** мен ал жөнүндө чала-була гана уктум.

**МЕ'ЛЬНИК** *м.* тегирменчи.

**МЕ'ЛЬНИЦА** *ж.* 1. тегирмен; **ветряная мельница** жел тегирмен; 2. данды майдалоочу машина; **кофейная мельница** кофени майдалоочу машина; ◇ **воевать с ветряными мельницами** жел тегирмен менен салгылашуу (*өзүнүн оюнан чыгарган, чындыгында жок болгон коркунучтарга, кыйынчылыктарга каршы салгылашуу*).

**МЕ'ЛЬНИЧИХА** *ж.* 1. *женск. р. к* **мельник**; 2. (*жена мельника*) тегирменчинин аялы.

**МЕ'ЛЬНИЧНЫЙ**, -ая, -ое **мельница**-*га т.*; **мельничный жёрнов** тегирмен ташы.

**МЕЛЬХИО'Р** *м.* мельхиор (*жез менен никель эритиндиси*).

**МЕЛЬХИО'РОВЫЙ**, -ая, -ое **мельхиор**-*го т.*; **мельхиоровый нож** мельхиордон жасалган бычак, мельхиор бычак.

**МЕЛЬЧА'ЙШИЙ**, -ая, -ее *превосх. ст. от прил.* **мелкий** эң эле майда, абдан эле майда, өтө эле майда; **мельчайшая частица** эң эле майда бөлүкчө; **до мельчайших подробностей** ийне-жибине чейин.

**МЕЛЬЧА'ТЬ** *несов.* 1. (*становиться мельче*) майда боло баштоо, майда болуп калуу; **при плохом уходе скот вырождается и мельчает** жаман баккан кезде малдын тукуму начарлайт жана өзү майда болуп кетет; 2. *перен.* (*терять значительность*) олуттуулугун жоготуу, анча чоң эмес болуу.

**МЕ'ЛЬЧЕ** *сравн. ст. от прил.* **мелкий** *и нареч.* **мелко** 1. (*некрупный, некрупно*) майдараак, майда; **здесь песок мельче** мында кум майдараак; 2. (*неглубокий, неглубоко*) тайызыраак, тайыз.

**МЕЛЬЧИ'ТЬ** *несов. что* майдалоо, күкүмдөө, талкалоо.

**мелю** I, **мелешь** *и т. д. наст. вр. от* **молоть.**

**мелю** II, **мелишь** *и т. д. наст. вр. от* **мелить.**

**МЕЛЮЗГА'** *ж. собир. разг.* кибир, кибиреген (*кибир жаныбарлар; майда балдар*).

**МЕМБРА'НА** *ж. физ., тех.* мембрана (*керектүү тыбыш толкундарын кармоого же чыгарууга ылайыкталган серпилмдүү жука жаргак же пластинка*).

**МЕМОРА'НДУМ** *м. дип.* меморандум (*бир маселе жөнүндө өкмөттүн көз карашы жазылган дипломатиялык записка; мында мөөр басылбайт жана кол коюлбайт*).

**МЕМОРИА'Л** *м. бухг.* мемориал (*күндөлүк соода операциясы жазылып туруучу бухгалтериялык книга*).

**МЕМОРИА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое: **мемориальная доска** эстелик тактасы (*бир адамдын же окуянын эстелигине арналган такта*).

**МЕМУАРИ'СТ** *м. лит.* мемуарчы (*мемуарлардын автору*).

**МЕМУА'РНЫЙ**, -ая, -ое **мемуары**-*га т.*; мемуардык; **мемуарная литература** мемуардык адабият.

**МЕМУА'РЫ** *только мн.* мемуарлар (*өткөн окуялар тууралу эске түшүрүү формасындагы адабий чыгарма; мындай чыгарма ошол окуялар болгон кезде жашаган, ошол окуяларга катышкан адам тарабынан жазылат*).

**МЕ'НА** *ж.* айрыбаш, алмашуу.

**МЕНДЕЛИ'ЗМ** *м. биол.* менделизм (*биологияда — реакциялык агым*).

**МЕ'НЕЕ** *сравн. ст. от нареч.* **мало** азыраак; кем; **не менее года** бир жылдан кем эмес; **не менее важно** *-га караганда* мааниси аз эмес, мааниси кичине эмес; ◇ **тем не менее** ошондой болсо да; **более или менее** аздыр-көптүр; **не более, не менее как...** так эле өзү; куду өзү; **менее всего** такыр эле башка, эң эле аз.

**МЕ'НЗУЛА** *ж. геод.* мензула (*жерди топографиялык съёмка кылууга жумшалуучу геодезиялык аспап*).

**МЕНЗУ'РКА** *ж.* мензурка (*аптекада же лабораторияда суюктук өлчөнүлүүчү, бөлүмдүү идиш*).

**МЕНИНГИ'Т** *м. мед.* менингит (*мээ кабыгынын оорушу*).

**МЕНИ'СК** *м. физ.* мениск (*суйру, тар идиштеги суюктуктардын томпойгон же кабырыңкы бети*).

**МЕНОВО'Й**, -ая, -ое *эк.* айрыбаш кылма, алмашма; **меновая торговля** алмашма соода.

**МЕНСТРУА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **менструация**-*га т.*; **менструальный период** айыз (*этек кир*) мезгили.

**МЕНСТРУА'ЦИЯ** *ж.* айыз (*этек кир*).

**МЕНСТРУИ'РОВАТЬ** *несов.* айыз келүү (*этек кир келүү*).

**МЕНТО'Л** *м. хим., фарм.* ментол (*дары катарында колдонулуучу, жалбыз жыттуу зат*).

**МЕ'НТОР** *м. уст.* тарбиячы.

**МЕ'НТОРСКИЙ**, -ая, -ое **ментор**-*го т.*; ◇ **менторский тон** *ирон.* мен-менсинип сүйлөө (жүрүү).

**МЕНУЭ'Т** *м. муз.* менуэт (1. *эзелки танец*; 2. *ушул танецтин ритмине салып жазылган музыкалык чыгарма*).

**МЕ'НЬШЕ** *сравн. ст.* 1. *от прил.* **малый** *и* **маленький** кичирээк, кичинерээк; 2. *от нареч.* **мало** азыраак.

**МЕНЬШЕВИ'ЗМ** *м. полит.* меньшевизм (*россиялык социал-демократиядагы барып турган оппортунисттик агым, марксизмге-ленинизмге каршы агым*).

**МЕНЬШЕВИ'К** *м. полит.* меньшевик (*меньшевизмди жактоочу*).

**МЕНЬШЕВИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое **меньшевизм**-*ге*, **меньшевик**-*ке т.*; меньшевиктик.

**МЕ'НЬШИЙ**, -ая, -ее 1. *сравн. ст. от прил.* **малый** *и* **маленький** кичирээк, кичинерээк; 2. (*младший*) кенже, эң кичүү; **меньший сын** кенже эркек бала; ◇ **по меньшей мере** эң аз дегенде; кеминде.

**МЕНЬШИНСТВО'** *ср.* азчылык; ◇ **национальные меньшинства** аз улуттар, аз сандуу элдер (*өлкөнүн негизги элине караганда саны аз улуттар, элдер*).

**МЕНЬШО'Й**, -ая, -ое *разг.* кенже, эң кичүү.

**МЕНЮ'** *ср. нескл.* меню (*столовада, ресторанда тамактын тизмеси*).

**МЕНЯ'** *мест. личн. род. и вин. п. от* **я**; **он меня знает** ал мени билет; **у меня есть деньги** менин акчам бар, менде акча бар; **меня не было дома** мен үйдө жок элем.

**МЕНЯ'ЛА** *м. уст.* сарап (*кесиби акча майдалап берип туруу болгон киши*).

**МЕНЯ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*обменивать*) айрыбаштоо (*мис. квартираны*); 2. *кого-что* (*заменять*) алмаштыруу, алыштыруу (*мис. кийимди*); 3. *что* (*изменять*) өзгөртүү, алмаштыруу (*мис. ой-пикирди*); 4. *что* (*разменивать*) майдалоо (*акчаны*); ◇ **менять кукушку на ястреба** *погов.* баалуу нерсени баасыз нерсеге айрыбаштоо, туйгунду күйкөгө алмашуу.

**МЕНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *чем с кем-чем* айрыбашташуу; **меняться квартирами** *с кем-л.* бирөө менен квартира айрыбашташуу; 2. (*изменяться*) өзгөрүү, алмашуу; **погода меняется** аба ырайы өзгөрүп жатат; 3. *страд. к* **менять**; ◇ **меняться в лице** өңү-башы өзгөрүп кетүү (*катуу толкундануунун таасири менен*).

**МЕ'РА** *ж.* 1. (*единица измерения*) өлчөм, чен, ченем; **мера веса** оордук өлчөөсү; **мера длины** узундук өлчөөсү; 2. (*предел*) чек; **знать меру** чектен чыкпоо; 3. (*степень*) көлөм, чек; **мера вины** күнөөнүн көлөмү; **высшая мера наказания** жазанын жогорку чеги; 4. (*мероприятие*) чара;

www.bizdin.kg

**МЕСИ'ТЬ** *несов. что* **1.** жууруу; **месить тесто** камыр жууруу; **2.** ийлөө, жасоо; **месить глину** ылай ийлөө, ылай жасоо; ◇ **месить грязь** баткактуу жол менен жүрүү, балчык кечүү.

**МЕСТА'** *мн. см.* **место 5.**

**МЕСТА'МИ** *нареч.* кээ жери, кайсы бир жери, кээ бир жерлерде, кайсы бир жерлерде.

**МЕСТЕ'ЧКО** I *ср. уменьш.-ласк. от* **место** 1, 2 орун, жер, жай; ◇ **уютное местечко** *или* **тёплое местечко** жанга жайлуу орун (кызмат).

**МЕСТЕ'ЧКО** II *ср.* селение (*Украина менен Белоруссияда*).

**МЕСТИ'** *несов.* **1.** (*подметать*) шыпыруу, шыпырып салуу; **2.** (*развевать*) айдоо, учуруу, сүрүү; **ветер метёт опавшие листья** түшкөн жалбырактарды шамал учурат (айдайт); **3.** (*о метели*) бурганактоо; **в поле сегодня метёт** бүгүн талаада бурганак жүрүп жатат.

**МЕСТКО'М** *м.* (местный комитет) местком (жергиликтүү комитет).

**МЕСТКО'МОВСКИЙ**, -ая, -ое **местком**-*го т.*; **месткомовское заседание** местком заседаниеси.

**МЕ'СТНИЧАТЬ** *несов. ист.* атаандашуу (*бир жерге, орунга ээ болууга артыкчылыгы бар экени жөнүндө талашуу; байыркы орус боярлары тууралу*).

**МЕ'СТНИЧЕСТВО** *ср. ист.* местничество (*15—17 кылымдагы орус боярларынын тегинин атактуулугуна карата, мамлекеттик кызматтан орун алуу тартиби*).

**МЕ'СТНОСТЬ** *ж.* жай, жер; **лесистая местность** токойлуу жер.

**МЕ'СТНЫЙ**, -ая, -ое жергиликтүү, жердик; **местное время** жергиликтүү убакыт; **местная порода скота** малдын жергиликтүү тукуму; **местные жители** жердик адамдар; ◇ **местный падеж** *грам.* жатыш жөндөмө; **местный наркоз** ооруган жерге наркоз жасоо (*мис. операция үчүн*).

**МЕ'СТО** *ср.* **1.** орун; **рабочее место** жумуш орду; **занять своё место** өз ордуна отуруу; **с места на место** орундан орунга; **поставить на место** 1) ордуна коюу; 2) *перен.* тизгинин тартып коюу; **2.** (*местность*) жай, жер; **живописные места** көркөм, сулуу жерлер (жайлар); **населённое место** эл орношкон жай; **глухое место** түнт жер (*маданий борбордон алыс турган жер*); **3.** (*должность, служба*) кызмат, жумуш; **4.** (*отрывок в книге, пьесе и т. п.*) үзүндү (*китептин, пьесанын ж. б. үзүндүсү*); **5. места** *мн.* (*периферийные организации в противоположность центральным*) жер-жерлер; **власть на местах** жер-жерлердеги бийлик; **делегаты с мест** жер-жерлерден келген делегаттар; **6.** нерсе, буюм, бөлүк жүк; **он сдал в багаж три места** ал багажга үч бөлүк жүк берди; ◇ **на месте** *кого-л.* бирөөнүн ордунда болуу; **не должно быть места** *чему-л.* -га жол берилбөөгө тийиш; **не место** ылайык эмес, орунсуз, жөнү жок; **с места в карьер** *разг.* а дегенде эле, салган жерден эле; **иметь место** (*быть, случаться*) болуу; **это действительно имело место** чындыгында да мындайлар болгон; **поймать на месте преступления** кылмыш кылган жеринде кармоо; **больное место** *или* **узкое место** начар жери; **у меня душа не на месте** менин жаным тынч эмес; **общее место** баарыга белгилүү чындык; **место заключения** камак орду; **места не находить себе** тынчсызданып, жаны жай таппоо; **а дело ни с места** иш ордунан такыр жылбайт; **ни с места!** козголбо!, ордунда тур!

**МЕСТОЖИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* турак жай, турак мекен.

**МЕСТОИМЕ'НИЕ** *ср. грам.* ат атооч.

**МЕСТОИМЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое **местоимение**-*ге т.*

**МЕСТОНАХОЖДЕ'НИЕ** *ср.* турак, мекен, жай, турган орду, турган жери.

**МЕСТОПОЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* жай, орун алган жери; **красивое местоположение города** шаар сонун, сулуу жерден орун алган.

**МЕСТОПРЕБЫВА'НИЕ** *ср.* жүргөн жери, жүргөн жайы, турган жери, турак жайы.

**МЕСТОРОЖДЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*место, где родился*) туулган жери, туулган жайы; **2.** *геол.* (*полезных ископаемых*) кендүү жер, кен чыккан жер, пайдалуу кендердин чыккан жери (жайы).

**МЕСТЬ** *ж.* өч, өчтүк, кун, кек.

**МЕ'СЯЦ** *м.* **1.** ай (*жылдын айы*); **в декабре месяце** декабрь айында; **2.** (*луна*) ай (*асмандагы ай*); **молодой месяц** жаңы туулган ай.

**МЕ'СЯЧНИК** *м.* айлык (*кандайдыр коомдук кампанияны өткөрүү үчүн белгиленген бир айлык убакыт*); **месячник дружбы** достуктун айлыгы.

**МЕ'СЯЧНЫЙ**, -ая, -ое айлык, бир ай ичинде; **в месячный срок** бир айлык мөөнөттө; **месячный отпуск** бир айлык отпуск; **месячный оклад** бир айлык оклад (*бир айлык кызмат акы*).

**МЕТА'ЛЛ** *м.* металл; **цветные металлы** түстүү металлдар (*мис. коргошун, никель*); **чёрные металлы** кара металлдар (*чоюн, темир, болот*); **благородные металлы** асыл металлдар (*алтын, күмүш, платина*); **лёгкие металлы** жеңил металлдар (*алюминий, магний, натрий ж. б.*); **тяжёлые металлы** оор металлдар (*темир, жез, күмүш, алтын, платина ж. б.*).

**МЕТАЛЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* металлдаштыруу (**1.** *бир нерсени чирибес үчүн көк таш менен сугаруу;* **2.** *бир нерсеге металл жылтырагын берүү*).

**МЕТАЛЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* металлдаштыруу.

**МЕТАЛЛИ'СТ** *м.* металлист, металлчы (*металл өнөр жайында иштөөчү жумушчу*).

**МЕТАЛЛИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **1. металл**-*га т.*; **металлическая коробка** металл куту; **металлический блеск** металл жалтырагы; **2.** *перен.* (*о звуках*) шаңгыраган (*үн*).

**МЕТАЛЛОВИ'ДНЫЙ**, -ая, -ое металлга окшош, металл сыяктуу (*сырткы көрүнүшүнө караганда*).

**МЕТАЛЛОГРА'ФИЯ** *ж.* металлография (**1.** *металлдардын ички түзүлүшү жөнүндөгү илим;* **2.** *полигр. кол менен же кислота менен бети оюлуп, сүрөт ж. б. нерселер салынган металл пластинкаларды кагазга басуу*).

**МЕТАЛЛО'ИД** *м. хим.* металлоид (*металлдарга жатпаган химиялык зат, мис. күкүрт*).

**МЕТАЛЛОЛО'М** *м.* (металлический лом) таштанды темир-терсек.

**МЕТАЛЛОНО'СНЫЙ**, -ая, -ое *тех.* металлдуу (*составында металлы бар*); **металлоносная горная порода** металлдуу тоо теги.

**МЕТАЛЛООБРАБА'ТЫВАЮЩИЙ**, -ая, -ее металл иштөөчү, металл иштетүүчү; **металлообрабатывающая промышленность** металл иштетүүчү өнөр жай.

**МЕТАЛЛООБРАБО'ТКА** *ж.* металл иштөө, металл иштетүү.

**МЕТАЛЛОПЛАВИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *тех.* металл эритүүчү; **металлоплавильный завод** металл эритүүчү завод.

**МЕТАЛЛОПРОКА'ТНЫЙ**, -ая, -ое *тех.*: **металлопрокатный завод** металлды прокатка кылуучу завод.

**МЕТАЛЛОПРОМЫ'ШЛЕННОСТЬ** *ж.* металл өнөр жайы (*металл өндүрүүчү жана металлдан буюм жасоочу өнөр жай*).

**МЕТАЛЛОПРОМЫ'ШЛЕННЫЙ**, -ая, -ое: **металлопромышленный район** металл өнөр жай району, металл өнөр жайлуу район.

**МЕТАЛЛОРЕ'ЖУЩИЙ**, -ая, -ее: **металлорежущий станок** металл кесүүчү станок.

**МЕТАЛЛОХИ'МИЯ** *ж.* металлохимия (*металлдардын химиялык касиеттерин изилдөөчү илим*).

**МЕТАЛЛУ'РГ** *м.* металлург (*металлургия жагынан специалист*).

**МЕТАЛЛУРГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **металлургия**-*га т.*; металлургиялык; **металлургический завод** металлургия заводу, металлургиялык завод.

www.bizdin.kg

**МЕТОДОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **методология**-*га т.*; методологиялык; **методологи́ческий курс** методология курсу.

**МЕТОДОЛО'ГИЯ** *ж.* методология (*жалпы илимий метод жөнүндөгү же айрым илимдердин методдору жөнүндөгү окуу*).

**МЕТОНИ'МИЯ** *ж. лит.* метонимия (*колдонулушу ирегеш болгон сөздөрдү биринин ордуна бирин алмаштырып айтуу, мис. «тамак» дегендин ордуна «казан», «акча» дегендин ордуна «чөнтөк» ж. б.*).

**МЕТР** I *м.* (*мера длины*) метр (*эл аралык узундук өлчөөсүнүн единицасы*).

**МЕТР** II *м. лит.* (*стихотворный размер*) метр (*ыр өлчөмү*).

**МЕТРА'Ж** *м.* метраж (*бир нерсенин метр менен өлчөнгөндөгү узундугу, мис. киноленталын узундугу*).

**МЕ'ТРИКА** I *ж. лит.* метрика (*ыр өлчөмү жөнүндөгү окуу; ыр өлчөмүнүн өзү*).

**МЕ'ТРИКА** II *ж.* (*выпись о рождении*) метрика (*метрикалык күбөлүк*).

**МЕТРИ'ЧЕСКИЙ** I, -ая, -ое (*о мерах*) метрдик; **метри́ческая систе́ма мер** өлчөөнүн метрдик системасы.

**МЕТРИ'ЧЕСКИЙ** II, -ая, -ое **метрика** I-*ге т.*

**МЕТРИ'ЧЕСКИЙ** III, -ая, -ое **метрика** II-*ге т.*; метрикалык; **метри́ческая кни́га** метрикалык китеп (*туулгандар, өлгөндөр, үйлөнгөндөр жазылуучу китепче*); **метри́ческое свиде́тельство** метрикалык күбөлүк.

**МЕТРО'** *ср. нескл.* метро; *см.* **метрополите́н.**

**МЕТРО'ЛОГ** *м.* метролог (*метрология жагынан окумуштуу*).

**МЕТРОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **метрология**-*га т.*; метрологиялык.

**МЕТРОЛО'ГИЯ** *ж.* метрология (*өлчөө-чендер жана таразалар жөнүндөгү илим*).

**МЕТРОНО'М** *м. физ., муз.* метроном (*физикада жана музыкада колдонулуучу механикалык прибор; бул — тыкылдатып санoo аркылуу убакыттын кыска аралыктарын белгилейт*).

**МЕТРОПОЛИТЕ'Н** *м.* метрополитен (*шаарларда жер астында жүргүзүлгөн темир жол*).

**МЕТРОПО'ЛИЯ** *ж. полит.* метрополия (*башка элдерди басып алып, аларды эзүүчү, эксплуатациялоочу империалисттик мамлекет*).

**МЕТРОСТРО'ЕВЕЦ** *м.* метро куруучу киши.

**МЕТРОСТРО'ЕВСКИЙ**, -ая, -ое **метростроение**-*ге т.*

**МЕТРОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* метро салуу, метро куруу.

**МЕХ** I *м.* (*мн.* **меха́**) мех (*жаныбарлардын териси, мис. түлкү, кундуз ж. б.*); **ходи́ть в меха́х** *разг.* мехтен жасалган кийим кийип жүрүү; ◇ **пальто́ на ры́бьем меху́** *разг. шутл.* жылуулугу жок пальто.

**МЕХ** II *м.* (*мн.* **мехи́**) 1. (*кузнечный*) көрүк; 2. (*бурдюк*) чанач, мешш.

**МЕХАНИЗА'ТОР** *м.* механизатор; **механиза́торы се́льского хозя́йства** айыл чарбанын механизаторлору.

**МЕХАНИЗА'ТОРСКИЙ**, -ая, -ое **механизатор**-*го т.*; механизатордук; **механиза́торские ка́дры** механизатордук кадрлар.

**МЕХАНИЗА'ЦИЯ** *ж.* механизация, механизациялаштыруу (*өндүрүшкө машина жана механизмдерди колдонуу*); **механиза́ция се́льского хозя́йства** айыл чарбаны механизациялаштыруу; **механиза́ция труда́** эмгекти механизациялаштыруу.

**МЕХАНИЗИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **механизи́ровать**; 2. *прил.*: **механизи́рованный труд** механизациялашкан эмгек.

**МЕХАНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* механизациялаштыруу (*кол менен иштөөнүн ордуна машинаны же механизмдерди иштетүү*); **механизи́ровать се́льское хозя́йство** айыл чарбаны механизациялаштыруу.

**МЕХАНИЗИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов.* 1. механизациялаштырылуу; 2. *страд. к* **механизи́ровать.**

**МЕХАНИ'ЗМ** *м.* 1. *тех.* механизм (*машинанын же аспаптардын курулушун кыймылга келтирүүчү жалпы бөлүктөрү*); **механи́зм часо́в** саат механизми; 2. *перен.* (*система*) механизм (*бир нерсенин түзүлүш системасы*); **госуда́рственный механи́зм** мамлекеттик механизм.

**МЕХА'НИК** *м.* механик (1. *механика жагынан специалист*; 2. *механизмдин аракетине байкоо жүргүзүүчү жана аларды ремонт кылуучу жумушчу*).

**МЕХА'НИКА** *ж.* 1. механика (*физиканын кыймылды жана күчтү текшерүүчү бөлүмү*); 2. *перен. разг.* ыкма, амал, бир нерсенин ички сыры.

**МЕХАНИ'СТ** *м. филос.* механист (*механицизмдин тарапкери, жактоочусу*).

**МЕХАНИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **механицизм**-*ге т.*; механицизмдик; **механисти́ческая тео́рия** механицизмдик теория.

**МЕХАНИЦИ'ЗМ** *м. филос.* механицизм (*дүйнөнүн толуп жаткан ар түрдүүлүгүн механиканын жөнөкөй закондоруна алып барып такаган идеалисттик философиядагы антидиалектикалык агым*).

**МЕХАНИ'ЧЕСКИ** *нареч.* курулай, андан тышкары, өзүнөн-өзү, тим эле; **механи́чески запо́мнить** *что-л.* *бир нерсени* тим эле жаттап алып калуу.

**МЕХАНИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое 1. **механика**-*га т.*; механикалык; **механи́ческий дви́гатель** механикалык кыймылдаткыч; 2. *перен.* (*машинальный*) андан тыш, машинадай, көндүм болгон адатынча (*мис. аракет*).

**МЕХАНИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое машина сыяктуу, автоматча.

**МЕХОВО'Й**, -а́я, -о́е **мех** I-*ге т.*; **мехова́я шу́ба** мех тон; **мехово́й магази́н** мех магазини (*мех сата турган магазин*).

**МЕХОВЩИ'К** *м.* мехчи (1. *мех менен соода кылуучу*; 2. *мех шиштетүүчү уста*).

**МЕЦЕНА'Т** *м.* меценат (*илимдин жана искусствонун ишмерлеринин колдоочусу*).

**МЕЦЕНА'ТСТВО** *ср.* меценатство (*меценаттын иши*).

**МЕ'ЦЦО-СОПРА'НО** *ср. нескл. муз.* меццо-сопрано (*аялдын орто бийиктиктеги үнү*).

**МЕ'ЦЦО-ТИ'НТО** *ср. нескл. полигр.* меццо-тинто (*терең оюлма басма арибинин формаларын жасоонун эски амалы, кол менен жасоо жолу*).

**МЕЧ** *м.* кылыч; ◇ **преда́ть огню́ и мечу́** өрттөп жиберүү жана кылычтын мизине алуу (*зордук-зомбулуктун эң катуу чараларын ырайымсыздык менен жүргүзүү*); **подня́ть меч** согуш жарыялоо; **меч правосу́дия** адилеттүү жаза; **дамо́клов меч** дайыма коркунуч туудуруучу кооптук.

**МЕЧЕНО'СЕЦ** *м. ист.* кылыччан (1. *орто кылымда — кылыч менен куралданган жоокер*; 2. *кылыччандар орденинин рыцары*).

**МЕ'ЧЕНЫЙ**, -ая, -ое белгиленген, белгиси бар, белги урулган, тамга салынган; ◇ **ме́ченые а́томы** *физ.* тамгаланган атомдор (*радиоактивдүү элементтин атомдору*).

**МЕЧЕ'ТЬ** *ж.* мечит.

**МЕЧ-РЫ'БА** *ж. зоол.* кылыч тумшук балык (*тумшугунда кылычка окшогон оркогою бар океан балыгы*).

**МЕЧТА'** *ж.* кыял; тилек, эңсөө (*желание, стремление*).

**МЕЧТА'НИЕ** *ср.* 1. кыялдануу, кыялга чумуу, кыялга батуу; эңсөө; 2. (*мечта*) кыял.

**МЕЧТА'ТЕЛЬ** *м.* кыялчы, кыялдана берүүчү адам.

**МЕЧТА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **мечта́тель.**

**МЕЧТА'ТЕЛЬНО** *нареч.* кыялчылык менен, кыялданып.

**МЕЧТА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кыялдануучулук, кыялга берилүүчүлүк.

**МЕЧТА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кыялчы, кыялдана берүүчү (*киши*).

www.bizdin.kg

**МИКРОБИОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **микробиология**-га т.; микробиологиялык.

**МИКРОБИОЛО'ГИЯ** *ж.* микробиология (*биология илиминин микроорганизмдерди изилдөөчү бөлүмү*).

**МИКРОИССЛЕ'ДОВАНИЕ** *ср.* микроизилдөө.

**МИКРОКЛИ'МАТ** *м.* микроклимат (*климаттын көп чоң эмес мейкиндиктеги өзгөчөлүгү*).

**МИКРОКО'КК** *м. бакт.* микрококк (*тоголок формадагы бактерия*).

**МИКРОКО'СМ** *м.* микрокосм (*атомдор жана электрондор дүйнөсү*).

**МИКРО'МЕТР** *м.* микрометр (*өтө кичинекей чоңдукту же өтө ичке нерсени дал, туура өлчөгүч аспап*).

**МИКРОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **микрометр**-ге *т.*; микрометрдик; **микрометри́ческий прибо́р** микрометрдик прибор.

**МИКРОМЕ'ТРИЯ** *ж.* микрометрия (*эң эле кичинекей сызыктарды жана бөлүктөрдү өлчөө*).

**МИКРО'Н** *м. физ.* микрон (*миллиметрдин миңден бир бөлүгү*).

**МИКРООРГАНИ'ЗМ** *м. биол.* микроорганизм (*микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү майда жаныбар*).

**МИКРОПО'РИСТЫЙ,** -ая, -ое майда поралуу; **о́бувь из микропо́ристой рези́не** майда поралуу резинке тамандуу бут кийим.

**МИКРОСКО'П** *м.* микроскоп (*көзгө илээшпеген майда нерселерди чоңойтуп көрсөтүүчү оптикалык прибор*).

**МИКРОСКОПИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **микроскоп**-ко *т.*; микроскоптук; **микроскопи́ческие иссле́дования** микроскоптук изилдөөлөр; 2. микроскоптук (*микроскоп аркылуу гана көрүнө турган эң эле майда нерсе*); 3. *перен.* (*чрезвычайно малый*) өтө майда, эң эле кичинекей.

**МИКРОСКОПИ'ЧНОСТЬ** *ж.* микроскоптук, эң эле кичине, өтө эле кичине.

**МИКРОСКОПИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **микроскопи́ческий** 3.

**МИКРОСКОПИ'Я** *ж.* микроскопия (*микроскопту колдонуу жана микроскоптук препараттарды даярдоо амалдары*).

**МИКРОСКО'ПНЫЙ,** -ая, -ое **микроскоп**-ко *т.*; **микроско́пное стекло́** микроскоп айнеги.

**МИКРОСПО'РА** *ж. бот.* микроспора (*эң майда спора*); *см.* **спо́ра.**

**МИКРОТО'М** *м. тех.* микротом (*микроскоп менен текшерүүгө жарактуу кылып жука кесип берүүчү аспап*).

**МИКРОФЛО'РА** *ж.* микрофлора (*кандайдыр бир жердин жай көзгө көрүнбөгөн өсүмдүктөрү*).

**МИКРОФО'Н** *м.* микрофон (*добушту, үндү алыс жерге угузуу үчүн же добушту, үндү катуу чыгаруу үчүн үн толкундарын электр тогунун толкунуна айландыруучу аспап*); **говори́ть в микрофо́н** микрофонго сүйлөө.

**МИКРОФО'ННЫЙ,** -ая, -ое **микрофон**-го *т.*; микрофондук.

**МИКРОФОТОГРА'ФИЯ** *ж.* микрофотография (*эң майда нерселердин сүрөтүн микроскоптун жардамы менен түшүрүү*).

**МИКРОХИМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **микрохимия**-га *т.*; микрохимиялык; **микрохими́ческий ана́лиз** микрохимиялык анализ.

**МИКРОХИ'МИЯ** *ж.* микрохимия (*микроскоптук майда, кичине заттарды химиялык изилдөөнүн методдору*).

**МИКРОЦЕФА'Л** *м. мед.* микроцефал (*башы нормалдуу келемден кичине адам*).

**МИКРОЦЕФА'ЛИЯ** *ж. мед.* микроцефалия (*баштын нормалдуу көлөмдөн кичине болушу*).

**МИКСТУ'РА** *ж.* микстура (*түрдүү дары кошулуп жасалган суюк дары*).

**МИ'ЛЕНЬКИЙ,** -ая, -ое *уменьш.-ласк. от* **ми́лый** 1.

**МИЛИТАРИЗА'ЦИЯ** *ж.* милитаризация, милитаризациялаштыруу (*согуш закондоруна, согуш тартибине багындыруу; милитаризм системасын жүргүзүү*).

**МИЛИТАРИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. см.* **милитаризова́ть.**

**МИЛИТАРИ'ЗМ** *м.* милитаризм (1. *империалисттик мамлекеттердин куралданууну күчөтүү жана жаңы империалисттик согушка даярдануу үчүн жүргүзгөн реакциялык агрессиядык саясаты*; 2. *кээ бир капиталисттик өлкөлөрдө аскер чөйрөлөрүнүн саясий үстөмдүгү*).

**МИЛИТАРИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* милитаризациялаштыруу.

**МИЛИТАРИ'СТ** *м.* милитарист (*милитаризмди жактоочу*).

**МИЛИТАРИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **милитари́стский.**

**МИЛИТАРИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **милитаризм**-ге *т.*; милитаристтик.

**МИЛИЦЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **милиция**-га, **милиционер**-ге *т.*; милициялык; **милице́йский пост** милициялык пост (*күзөт орду*); **милице́йская фо́рма** милиционер формасы.

**МИЛИЦИОНЕ'Р** *м.* милиционер.

**МИЛИ'ЦИЯ** *ж.* милиция.

**МИЛЛИ=** *татаал сөздүн биринчи бөлүгү; бул — татаал сөздүн биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн нерсе, анын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөнгө караганда миң эсе аз деген маанини түшүндүрөт; мис.* **милливо́льт** милливольт.

**МИЛЛИАМПЕ'Р** *м. эл.* миллиампер (*ампердин миңден бир бөлүгү*).

**МИЛЛИА'РД** *м.* миллиард.

**МИЛЛИАРДЕ'Р** *м.* миллиардер (*байлыгы миллиардга толгон ири капиталист*).

**МИЛЛИА'РДНЫЙ,** -ая, -ое *числ. и прил.* миллиард болуп бааланган.

**МИЛЛИВО'ЛЬТ** *м. эл.* милливольт (*вольттун миңден бир бөлүгү*).

**МИЛЛИГРА'ММ** *м.* миллиграмм (*граммдын миңден бир бөлүгү*).

**МИЛЛИМЕ'ТР** *м.* миллиметр (*метрдин миңден бир бөлүгү*).

**МИЛЛИМИКРО'Н** *м.* миллимикрон (*микрондун миңден бир бөлүгү*).

**МИЛЛИО'Н** *м.* миллион.

**МИЛЛИОНЕ'Р** *м.* миллионер (*байлыгы миллионго толгон*); **колхо́з-миллионе́р** миллионер колхоз.

**МИЛЛИО'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. *числ.* **миллион**-го *т.*; **одна́ миллио́нная до́ля** миллиондун бир үлүшү; 2. *прил.* миллион; **миллио́нное населе́ние** миллион эл.

**МИ'ЛО** *нареч.* жылмайып, көңүлдөгүдөй, кызыктуу, жакшынакай; **ми́ло улыбну́ться** жарк этип күлүп коюу.

**МИ'ЛОВАТЬ** *несов. кого-что* кечирүү.

**МИЛОВА'ТЬ** *несов. кого-что, поэт.* эркелетүү.

**МИЛОВА'ТЬСЯ** *несов. поэт.* бири-бирин эркелетүү.

**МИЛОВИ'ДНОСТЬ** *ж.* жакшынакайлык, татынакайлык.

**МИЛОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое жакшынакай, жагымдуу, көркөм; **милови́дная же́нщина** жакшынакай аял.

**МИЛОСЕ'РДИЕ** *ср. уст.* ырайымдуулук, боорукердик, көңүлчөктүк, ак көңүлдүүлүк; ◇ **сестра́ милосе́рдия** *уст.* медициналык сестра.

**МИЛОСЕ'РДНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* ырайымдуу, боорукер.

**МИ'ЛОСТИВО** *нареч.* ырайымдуулук менен, кайрымдуулук менен, кичи бейилдик менен.

**МИ'ЛОСТИВЫЙ,** -ая, -ое *уст.* ырайымдуу, кайрымдуу, кичи бейил; ◇ **ми́лостивый госуда́рь** *уст.* боорукер таксыр (*мурунку убакытта сөздө айтыла турган жана каттын башына жазыла турган сылык сөз*).

**МИ'ЛОСТЫНЯ** *ж.* кайыр, садага.

**МИ'ЛОСТЬ** *ж.* 1. (*благоволение*) жакшылык, жумшак көңүлдүк, жумшак мамиле; **смени́ть гнев на ми́лость** ачуу-

www.bizdin.kg

сун басып, жумшак мамиле кылуу; 2. *уст.* (*благодеяние*) ырайым; **оказа́ть ми́лость** ырайым кылуу; ◇ **ми́лости про́сим!** *разг.* кош келипсиз! (*бир нерсеге ызаттап чакыруу*); **по ми́лости** саатынан, кесепетинен; **скажи́те на ми́лость!** *разг.* укмуш-ай!, капыр-ай!, айтсаң!

**МИ́ЛОЧКА** *ж. разг.* садагаң, секет (*аял же кызды эркелетип айтуу*).

**МУ'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. ылай, киргил; **му́тная вода́** ылай суу; 2. (*тусклый*) күңүрт, жашылданган; **му́тное стекло́** күңүрт айнек; **му́тные глаза́** жашылданган көз; ◇ **лови́ть ры́бу в му́тной воде́** *см.* **лови́ть.**

**МУТО'ВКА** I *ж.* (*для взбалтывания, взбивания*) бишкек, чалгыч.

**МУТО'ВКА** II *ж. бот.* өсүмдүктүн бир жеринде бир кылка болуп өскөн жалбырак, гүл, бутак.

**МУТЬ** *ж.* ылай, тунма; **на сте́нке стака́на осе́ла муть** стакандын бооруна ылай отуруп калды.

**МУ'ФЕЛЬ** *м. тех.* муфель (*карапа буюмдарды күйгүзүү, бышыруу үчүн ылайыкталган мештин камерасы*).

**МУФЛО'Н** *м. зоол.* кулжа, аркар.

**МУ'ФТА** *ж.* муфта (1. *эки колго тең кийилүүчү, жең сыяктуу кол кап*; 2. *тех. эки түтүктү жана валды кошуу үчүн кийдирилүүчү түтүкчө*).

**МУ'ХА** *ж.* чымын; ◇ **он му́хи не оби́дит** *разг.* ал кой оозунан чөп албайт; **быть под му́хой** *разг. шутл.* кейип болуп жүрүү, алагүү болуп жүрүү; **де́лать из му́хи слона́** *погов.* арадай жерге чарадай жыйын куруу; «саман учуп келатат» десе, «Самарканды жоо чааптыр» деп чуу салуу.

**МУХОЕ'ДКА** *ж. зоол.* чымын жегич (*өзүнүн личинкаларын чымын менен багуучу, аарыга окшош кибир жаныбар*).

**МУХОЛО'ВКА** *ж.* 1. (*приспособление*) чымын кармагыч; 2. *зоол.* чымынчы, чымынчыл; 3. *бот.* чымынчы чөп (*чымын-чиркейди кармап соргуч өсүмдүк*).

**МУХОМО'Р** *м.* чымын кыргыч (*уу козу карындын бир түрү*).

**МУХО'РТЫЙ,** -ая, -ое кер ооз (*аттын түсү*).

**МУЧЕ'НИЕ** *ср.* азап, кыйноо; **испы́тывать муче́ния** азапты баштан өткөрүү.

**МУ'ЧЕНИК** *м.* азапты, мээнетти көп тарткан киши.

**МУ'ЧЕНИЦА** *женск. р. к* **му́ченик.**

**МУ'ЧЕНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое азаптуу, кыйнаган, азап көргөзгөн (*мис. өлүм*).

**МУ'ЧЕНИЧЕСТВО** *ср.* азап чеккен кишинин ал-абалы, азап, азап көрүүчүлүк.

**МУЧИ'ТЕЛЬ** *м.* кыйноочу, азаптоочу.

www.bizdin.kg

**МУЧИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **мучитель.**
**МУЧИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* азап менен, азаптуу түрдө, кыйноо тарттырып, кыйноо тартуу менен.
**МУЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ооруткан, азаптуу, кыйноо тарттыруучу; **мучи́тельная боль** азаптуу оору, жанга тийген оору, кыйнаган оору.
**МУ'ЧИТЬ** *несов. кого-что* кыйноо, оорутуу, азаптоо, азап тарттыруу, кыйнап олтуруп өлүмгө жеткирүү.
**МУ'ЧИТЬСЯ** *несов.* кыйналуу, азаптануу, тажоо, айласы кетүү; **больно́й до́лго му́чился** оору көпкө чейин кыйналды; **му́читься над разреше́нием вопро́са** маселени чечүүдө өтө кыйналуу.
**МУЧНИ'К** *м.* унчу (*ун менен соода кылуучу*).
**МУЧНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое ундуу.
**МУЧНО'Е** *ср. см.* **мучно́й** 2.
**МУЧНО'Й,** -а́я, -о́е 1. **мука́**-*га т.*; **мучно́й мешо́к** ун сала турган кап; 2. *в знач. сущ. ср.* ундан жасалган (*тамак*).
мучу́,. **мути́шь** *и т. д. наст. вр. от* **мути́ть.**
**МУШИ'НЫЙ,** -ая, -ое **муха**-*га т.*
**МУ'ШКА** I *ж.* 1. *уменьш. от* **му́ха** майда чымын; 2. (*родинка*) мушка (*жасалма кал; калга окшотуп бетине жабыштырып алуучу нерсе*).
**МУ'ШКА** II *ж.* (*в оружии*) мушка, кароол (*мылтыктын оозундагы кароолу*); ◇ **взять на му́шку** мээлөө, шыкаалоо (*мылтыкты*).
**МУШКЕ'Т** *м. воен. ист.* мушкет (*байыркы убактагы милтелүү мылтыктын бир түрү*).
**МУШКЕТЁР** *м. воен. ист.* мушкетёр (1. *байыркы заманда — мушкет мылтык менен куралданган солдат*; 2. *королдун сарайындагы кавалерияда кызмат кылуучу француздук дворянин*).
**МУШТРА'** *ж.* муштра (*катаал, одоно тартипке негизделген тарбия системасы*).
**МУШТРОВА'ТЬ** *несов. кого-что* муштралоо (*зекип, катаал тарбиялоо*).
**МУШТРО'ВКА** *ж.* муштралоо (*зекиген катаал тарбия*).
**МУЭДЗИ'Н** *м.* мазин, азанчы.
**МУЭЗЗИ'Н** *м. см.* **муэдзи́н.**
**мха** *род. п. от* **мох.**
**МЧА'ТЬ** *несов. кого-что* зыпылдатуу, зымыратуу.
**МЧА'ТЬСЯ** *несов.* зыпылдоо, зымыроо.
**МШИ'СТЫЙ,** -ая, -ое мохтуу (*мох чыккан, мох өскөн*); **мши́стое боло́то** мохтуу саз.
**МЩЕ'НИЕ** *ср. см.* **месть.**
**мщу, мстишь** *и т. д. наст. вр. от* **мстить.**
**МЫ** *мест. личн.* биз.
**МЫ'ЗА** *ж.* мыза (*айыл чарба курулуштары бар хутор, усадьба*).
**МЫ'КАТЬ** *несов. что*: **го́ре мы́кать** *разг.* жокчулук, кыйынчылык менен күн өткөрүү.
**МЫ'КАТЬСЯ** *несов. разг.* тентирөө, кыдыруу.
**МЫ'ЛИТЬ** *несов. что* самындоо.
**МЫ'ЛИТЬСЯ** *несов.* 1. самындануу; 2. (*пениться*) көбүрүү, көбүктөнүү (*самындын көбүрүшү*); 3. *страд. к* **мы́лить.**
**МЫ'ЛКИЙ,** -ая, -ое көбүрмө, көбүктөмө; **мы́лкое мы́ло** көбүрмө самын.
**МЫ'ЛКОСТЬ** *ж.* көбүрмөлүүлүк (*мис. самын*).
**МЫ'ЛО** *ср.* 1. самын; 2. (*пена на лошади*) аттын тер көбүгү; **ло́шадь вся в мы́ле** атты тер көбүк бүт басып кетти.
**МЫЛОВА'Р** *м.* самынчы (*самын өндүрүшүндө иштөөчү киши*).
**МЫЛОВАРЕ'НИЕ** *ср.* самын чыгаруу, самын жасоо.
**МЫЛОВА'РЕННЫЙ,** -ая, -ое: **мылова́ренный заво́д** самын заводу.
**МЫ'ЛЬНИЦА** *ж.* самын салгыч (*самын салынуучу куту*).
**МЫ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **мыло**-*го т.*; **мы́льная пе́на** самын көбүгү, самындын көбүгү; **мы́льный пузы́рь** 1) самындын көбүгүнөн түтүк менен үйлөгөн тарсагай көбүк; 2) *перен.* негизсиз; бекем эмес; көбүк сыяктуу; ◇ **мы́льный ко́рень** *бот.* самын тамыр.
**МЫЛЬНЯ'НКА** *ж. бот.* самындык (*тамыры кездеме токуу өндүрүшүндө жана медицинада колдонулуучу өсүмдүктүн бир түрү*).
**МЫС** *м.* 1. *геогр.* тумшук (*кургактын сууга уч болуп кирген бөлүгү*); 2. *перен.* булуң (*бир нерсенин тумшук же булуң болгон жери*).
**МЫ'СЛЕННО** *нареч.* ой менен, ойлоп, элестетип; **мы́сленно предста́вить свой путь** өзүнүн жолун көз алдыга ой менен келтирүү (элестетүү).
**МЫ'СЛЕННЫЙ,** -ая, -ое ой менен элестетилген, ой менен аткарылган, ойго элестетилген; **мы́сленный о́браз** ой менен элестетилген образ.
**МЫ'СЛИМЫЙ,** -ая, -ое болуп да кала турган, болууга да мүмкүн; **мы́слимое ли э́то де́ло!** бул акылга туура келе турган иш эмес го!
**МЫСЛИ'ТЕЛЬ** *м.* ойчу (*терең ойлоого жөндөмдүү киши*).
**МЫСЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **мышление**-*ге т.*; **мысли́тельная спосо́бность челове́ка** адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгү.
**МЫ'СЛИТЬ** *несов.* ойлоо, ой жүргүзүү, ой жүгүртүү.
**МЫСЛЬ** *ж.* 1. (*мышление*) ой; **сила челове́ческой мы́сли** адамдын оюнун күчү; 2. (*продукт размышления*) ой, акыл, пикир; **глубо́кая мысль** терең ой; **э́та мысль сверли́т мне го́лову** бул ой менин башыман чыкпай койду; **пришла́ мысль в го́лову** башыма бир ой келди; **не́ было в мы́слях** ойдо жок эле; ойдо болгон жок эле; **пода́ть мысль** *кому-л.* бирөөнүн оюна түрткү берүү; **предвзя́тая мысль** мурунтан ойлонулган жаңылыш пикир; **собра́ться с мы́слями** ойлонуп алуу, ар жак, бир жагын ойлоп алуу; **не допуска́ть мы́сли...** ...деп ойлобоо, ...деп ойлоого жол бербөө; 3. (*идея*) идея, ой, пикир; **основна́я мысль произведе́ния** чыгарманын негизги оюу, чыгарманын негизги идеясы; **блестя́щая мысль** эң сонун ой, эң сонун пикир; 4. **мы́сли** *мн.* (*убеждения*) пикир; **мы с ва́ми лю́ди одни́х мы́слей** биз сиз менен бир пикирдеги адамдарбыз, биз сиз менен пикирдеш адамбыз.
**МЫТ** I *м. вет.* сакоо (*жаш жылкы, эшек, качырлардын жугуштуу оорусу*).
**МЫТ** II *м. ист.* (*пошлина*) мыт (*өлкөнүн ичиндеги заставалар аркылуу алып өтүлгөн товарлардан алынуучу пошлина*).
**МЫТА'РИТЬ** *несов. кого, разг.* азап чектирүү, азап тарттыруу, кыйноо.
**МЫТА'РИТЬСЯ** *несов. разг.* азап чегүү, азап тартуу, кыйналуу.
**МЫТА'РСТВО** *ср.* азап, кыйноо, мээнет.
**МЫТЬ** *несов. кого-что* жууш; **мыть ру́ки** кол жууш.
**МЫТЬЁ** *ср.* жууш, тазалоо; ◇ **не мытьём, так ка́таньем** *погов. см.* **ката́ние.**
**МЫ'ТЬСЯ** *несов.* 1. жуунуш, жуунуу; **мы́ться в ва́нне** ваннада жуунуу; 2. *страд. к* **мыть.**
**МЫЧА'НИЕ** *ср.* 1. мөөрөө; 2. *перен. разг.* мыңкылдоо.
**МЫЧА'ТЬ** *несов.* 1. мөөрөө; 2. *перен. разг.* мыңкылдоо.
**МЫШЕЛО'ВКА** *ж.* чычкан кармагыч, чычкан капканы.
**МЫ'ШЕЧНЫЙ,** -ая, -ое **мышца**-*га т.*; **мы́шечная боль** булчуңдун оорушу.
**МЫШИ'НЫЙ,** -ая, -ое 1. **мышь**-*га т.*; **мыши́ная но́рка** чычкандын ийни; 2. (*о цвете*) боз; **мыши́ного цве́та** боз түстүү, боз түс.
**МЫ'ШКА** I *ж. уменьш.-ласк. от* **мышь** чычкан; ◇ **ко́шки-мы́шки** ала күчүк (*балдардын оюну*).
**МЫ'ШКА** II *ж.*: **нести́ под мы́шкой (под мы́шками)** колтукка кысып алып баруу; **взять под мы́шку (под мы́шки)** колтуктап алуу, колтуктап алып жүрүү.
**МЫШЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*процесс*) ойлоо, ой; 2. (*мысли, мировоззрение*) ой, көз караш.
**МЫШО'НОК** *м.* (*мн.* **мыша́та**) чычкандын баласы.

www.bizdin.kg

**МЫ'ШЦА** *ж. анат.* булчуң, булчуң эт.

**МЫШЬ** *ж.* чычкан; ◇ **летучая мышь** жарганат.

**МЫШЬЯ'К** *м.* мышьяк (1. *уулуу, катуу химиялык элемент*; 2. *мышьяк аралаштырылган дары-дармек*).

**МЫШЬЯКО'ВЫЙ**, -ая, -ое мышьяктуу; **мышьяко́вый колчеда́н** *хим.* мышьяктуу колчедан.

**МЭР** *м.* мэр (*бир катар буржуазиялык өлкөлөрдө, мис. Франция, Англия, АКШда шаардык—кээде селолук да—өзүн өзү башкаруунун башчысы*).

**МЮЗИК-ХО'ЛЛ** *м.* мюзик-холл (*музыкалык, акробаттык, балеттик ж. б. номерлер аткарылуучу жана да комедиялар ж. б. ойнолуучу зал же театр*).

**МЯ'ГКИЙ**, -ая, -ое 1. жумшак; **мя́гкий хлеб** жумшак нан; **мя́гкое кре́сло** жумшак кресло; 2. жумшак, уяң; **мя́гкие во́лосы** уяң, жумшак чач; **мя́гкий го́лос** жумшак үн; 3. *лингв.* ичке; **мя́гкие согла́сные** ичке үнсүздөр; ◇**мя́гкий знак** *грам.* ичкертүү белгиси, жумшартуу белгиси.

**МЯ'ГКО** *нареч.* жумшак; ◇ **мя́гко выража́ясь** *вводн. сл.* жумшак айтканда; **мя́гко сте́лет, да жёстко спать** *погов.* төшөгөнү жумшак, жатууга катуу (*жылуу-жумшак сөз айтып туруп эле, оңого жамандык кылат*).

**МЯГКОСЕРДЕ'ЧИЕ** *ср.* боорукердик, ырайымдуулук.

**МЯГКОСЕРДЕ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое боорукер, ырайымдуу.

**МЯ'ГКОСТЬ** *ж.* жумшактык.

**МЯГКОТЕ'ЛОСТЬ** *ж.* (*слабохарактерность*) боштук, шөлбүрөгөндүк, көпшөктүк.

**МЯГКОТЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое (*слабохарактерный*) бош, шөлбүрөгөн, көпшөк.

**МЯГКОШЁРСТНЫЙ**, -ая, -ое уяң жүндүү.

**МЯ'ГЧЕ** *сравн. ст. от прил.* **мя́гкий** *и нареч.* **мя́гко** жумшагыраак.

**МЯГЧИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*делать мягче*) жумшатуу, жумшартуу; 2. (*облегчать*) оңойлотуу, жеңилдетүү; **лека́рство мягчи́т ка́шель** дары жөтөлдү жеңилдетет.

**МЯКИ'НА** *ж.* топон.

**МЯКИ'ННЫЙ**, -ая, -ое **мякина**-*га т.*; **мяки́нный корм** топон тоют.

**МЯ'КИШ** *м.* нандын жумшагы (*нандын кабыгынан башка жумшагы*).

**МЯ'КНУТЬ** *несов. разг.* 1. жумшаруу, эрүү, бошоо, былпылдоо; 2. *перен.* бошоо, жумшоо, бошоң тартуу; **он мя́кнет от одного́ ла́скового сло́ва** бир жылуу-жумшак сөз айтса эле, ал эрип кетет.

**МЯ'КОТЬ** *ж.* 1. (*плодов*) жемиштин эти; 2. (*мясная*) союлган малдын сулп эти.

**МЯ'ЛКА** *ж.* 1. *см.* **льномя́лка**; 2. (*для кож*) талкуу.

**МЯ'МЛИТЬ** *несов. разг.* 1. (*невнятно говорить*) сөздү чайнап, созуп сүйлөө; 2. (*нерешительно, медленно действовать*) ылжыроо.

**МЯ'МЛЯ** *м. и ж. разг.* 1. (*в разговоре*) сөздү чайнап, созуп сүйлөгөн адам; 2. (*в действии*) ылжыраган, ылжырама, бош (*адам*).

**МЯСИ'СТЫЙ**, -ая, -ое 1. эттүү, эти көп (*сөөгүнөн эти көп*); 2. (*тучный, жирный*) семиз.

**МЯСНА'Я** *ж. см.* **мясно́й** 2.

**МЯСНИ'К** *м.* касапчы.

**МЯСНО'Е** *ср. см.* **мясно́й** 3.

**МЯСНО'Й**, -а́я, -о́е 1. **мясо**-*го т.*; **мясно́й суп** эт сорпосу; **мясна́я торго́вля** эт соодасы; **мясно́й скот** *с.-х.* эт малы (*этке арналган мал*); 2. *в знач. сущ. ж.* (*мясной магазин*) эт дүкөнү; 3. *в знач. сущ. ср.* (*кушанье из мяса*) эттен жасалган тамак.

**МЯ'СО** *ср.* эт; ◇ **вы́рвать пу́говицу с мя́сом** топчуну тигилген жериндеги материя менен кошо жулуп алуу; **ни ры́ба ни мя́со** *разг.* балык да эмес, эт да эмес (*же ары эмес, же бери эмес болгон эле бир нерсе*).

**МЯСОЗАГОТО'ВКИ** *мн.* (*ед.* **мясозаготовка** *ж.*) эт даярдоо.

**МЯСОКОМБИНА'Т** *м.* эт комбинаты.

**МЯ'СО-МОЛО'ЧНЫЙ**, -ая, -ое: **мя́со-моло́чные проду́кты** эт-сүт продуктылары.

**МЯСОПРОДУ'КТЫ** *только мн.* эт продуктылары.

**МЯСОРУ'БКА** *ж.* эт туурагыч машина.

**МЯ'ТА** *ж.* жалбыз.

**МЯТЕ'Ж** *м.* козголоң.

**МЯТЕ'ЖНИК** *м.* козголоңчу.

**МЯТЕ'ЖНЫЙ**, -ая, -ое 1. **мятеж**-*ге т.*; 2. *перен.* жаны жай таппаган, тынчсыз, күйүп-бышма (*мис. мүнөз*).

**МЯ'ТЛИК** *м. бот.* көдөө чөп, тулаң.

**МЯ'ТНЫЙ**, -ая, -ое **мята**-*га т.*; жалбыздуу; **мя́тный за́пах** жалбыз жыты; **мя́тные конфе́ты** жалбыздуу конфета.

**МЯ'ТЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **мять**; 2. *прил.* (*напр. о фруктах*) эзилген, жанчылган; 3. *прил.* (*напр. о платье*) уйпаланган, бырышкан.

**МЯТЬ** *несов. что* 1. (*разминать*) жууруу (*напр. глину, тесто*); ийлөө (*кожу*); талкалоо (*лён*); эзүү (*напр. ягоды*); 2. (*делать мятым*) уйпалоо, ушалоо, бырыштыруу.

**МЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. уйпалануу, бырышуу; **пла́тье о́чень мнётся** көйнөк эң эле уйпалана берет; 2. *перен. разг.* (*смущаться*) ыргылжың болуу, ыргылжың тартуу; **что́ ты мнёшься, пойдём!** сен эмне ыргылжың болосуң, жүрү баралы!; 3. *перен. разг.* тайпалоо, тайпалатуу; **он мнётся, ничего́ то́лком не говори́т** ал дурус нерсе айтпай күңк-мүңк этет.

**МЯУ'КАНЬЕ** *ср.* мыёолоо.

**МЯУ'КАТЬ** *несов.* мыёолоо; **ко́шка мяу́кает** мышык мыёолойт.

**МЯЧ** *м.* топ; **футбо́льный мяч** футбол тобу; **мяч из рези́ны** резинка топ.

**МЯ'ЧИК** *м. уменьш. от* **мяч** кичине топ.

# Н

**НА** I *предлог* 1. *с вин. п.* -га, үстүнө, үстүндө; **положи́ть на стол** үстөл үстүнө коюу; **лечь на дива́н** диванга жатуу; **вы́йти на у́лицу** көчөгө чыгуу; 2. *с вин. п.* (*по направлению к кому-чему-л.*) көздөй, карата; **дви́гаться на се́вер** түндүктү көздөй жылуу (жөнөө); 3. *с предл. п.* -да, -дагы; **оста́вить на столе́** үстөл үстүндө калтыруу; **лежа́ть на песке́** кум үстүндө жатуу; **лежа́ть на дива́не** диванда жатуу; **учени́к сиди́т на ме́сте** окуучу ордунда отурат; **пе́рвые жи́тели на по́люсе** полюстагы биринчи жашоочулар; **на сле́дующем уро́ке** кийинки сабакта; **отве́тственность лежи́т на нём** жоопкерчилик анын мойнунда; 4. *с вин. п.* -га, -лык; **он просла́вился на весь го́род** анын атагы бүткүл шаарга жайылды; **обе́д на трои́х** үч кишилик обед; **умно́жь пять на́ три** бешти үчкө көбөйт; 5. *с вин. п.* (*при обозначении срока*): **он опозда́л на де́сять мину́т** ал он мүнөткө кечикти; **он прие́хал на два часа́ ра́ньше** ал эки саат эрте келди; **он ста́рше меня́ на два го́да** ал менден эки жаш улуу; 6. *с вин. и предл. п.* -гы; **на сле́дующий день он уе́хал** кийинки күнү ал жөнөп кетти; **на той неде́ле** мурунку (өткөн) жумада; 7. *с вин. п.* (*при определении денежной суммы*) -га; **купи́ть на сто рубле́й** жүз сомго сатып алуу; **на все де́ньги** болгон акчанын бардыгына; 8. *с вин. п.* (*при обозначении цели, назначения*) -га, үчүн; **подари́ть на па́мять** эстеликке белек кылып берүү; **взять на воспи-**

www.bizdin.kg

та́ние тарбиялоо үчүн алуу; 9. *с предл. п.* (*при обозначении устройства, свойства, состояния*) ⁼луу; **экипа́ж на рессо́рах** рессоралуу экипаж; **шу́ба на ли́сьем меху́** түлкү ичик; 10 *с предл. п.* (*при глаголах «говорить», «читать», «писать», «переводить» и т. п.*) ⁼да, ⁼ча; **говори́ть на ру́сском языке́** орус тилинде сүйлөө, орусча сүйлөө; **перевести́ кни́гу на кирги́зский язы́к** китепти кыргыз тилине которуу; 11. *с предл. п.* (*при посредстве*) менен, ⁼га; **жа́рить на ма́сле** майга кууруу; **заво́д рабо́тает на не́фти** завод нефть менен иштейт; 12. *с предл. п.* (*при обозначении орудия действия, средства, материала*) ⁼чан, ⁼да, ⁼луу; **верхо́м на ло́шади** атчан; **игра́ть на скри́пке** скрипкада ойноо; **о́бувь на ко́жаной подо́шве** булгаары тамандуу бут кийим; ◇ **на бегу́** 1) жүгүрүп баратып *же* жүгүрүп келатып; 2) *перен.* тез эле, бат эле; **на лету́** 1) учуп баратып, учуп баратканда; 2) *перен.* тез эле, бат эле; **на мой взгляд** менин оюмча; **на мои́х глаза́х** менин көзүмчө; **на лю́дях** элдин көзүнчө, элдин алдында.

НА II *межд.* (*возьми*) ме; **на, возьми́** ме, ал; ◇ **вот тебе́ на!** мына, кызык!; **на́ поди́** айла барбы, айла жок.

НА III *частица разг.*: **како́й ни на есть** эмне болсо да, кандай болсо да, иши кылып.

НА⁼ *приставка* 1. *төмөнкү маанидеги этиштин түзөт:* 1) *кыймыл-аракеттин бир нерсеге багытталганын билдирүүчү этиштин түзөт; мис.* **набро́сить** жабуу, жамына салуу; 2) *кыймыл-аракеттин толук көп санда болушун билдирүүчү этиштин түзөт; мис.* **наговори́ть** көп сүйлөө, оозуна келгенди сүйлөө; 3) *кыймыл-аракеттин анчалык зор даражада болбогонун билдирүүчү этиштин түзөт; мис.* **напева́ть** кыңылдап ырдоо, обон салуу; 4) *«ся» деген частица менен бириккенде кыймыл-аракеттин толук бүткөндүгүн, толук болуп өткөндүгүн билдирүүчү этиштин түзөт; мис.* **нае́сться** тоюу, каалаганынча жеш; 5) *этиштин бүткөн түрүн түзүү үчүн колдонулат; мис.* **писа́ть — написа́ть** жазуу — жазып бүтүү, жазып коюу; 2. *бир нерсенин үстүндө турат деген маанини билдирүүчү зат атоочторду жана сын атоочторду түзөт; мис.* **насте́нный** дубалга асма, стенага асма.

**НА АВО́СЬ** *см.* **аво́сь.**

**НАБА́ВИТЬ** *сов. что* үстөө, үстөк кылуу, кошуу, кошумчалоо, котөрүү.

**НАБА́ВКА** *ж.* үстөмө, үстөк, кошумча, кошумчалоо (*мис. бир нерсенин баасына*).

**НАБАВЛЯ́ТЬ** *несов. см.* **наба́вить.**

**НАБАЛДА́ШНИК** *м.* таяктын чокмор туткасы, таяктын жоон башы.

**НАБАЛОВА́ТЬ** *сов. кого, разг.* ыгы жок эркелетүү, өтө эрке үйрөтүү.

**НАБАЛОВА́ТЬСЯ** *сов. разг.* абдан эркелөө, тентектик кылуу.

**НАБА́ЛТЫВАТЬ** *несов. см.* **наболта́ть II.**

**НАБАЛЬЗАМИ́РОВАТЬ** *сов. что* бальзамдоо; **набальзами́ровать труп** өлүктү бальзамдоо.

**НАБА́Т** *м.* набат (*бир коркунуч тууралу кагылган коңгуроо үнү*); **бить в наба́т** 1) коңгуроо согуу (*коңгуроо кагып эл чакыруу*); 2) *перен.* бака-шака түшүрүү, кымгуут кылуу.

**НАБА́ТНЫЙ,** -ая, -ое **набат**-*ка т.*; **наба́тный ко́локол** набат коңгуроосу.

**НАБЕ́Г** *м.* кол салуу, чабуул (*байкоосуз жерден чабуул коюу*).

**НАБЕГА́ТЬ** *несов. см.* **набежа́ть.**

**НАБЕ́ГАТЬСЯ** *сов.* жүгүрө берип чарчоо; **он набе́гался за́ день** ал күнү бою жүгүрүп жүрүп чарчады.

**НАБЕДОКУ́РИТЬ** *сов. разг.* шоктук кылып бүлдүрүү (*мис. бала*); бир балааны баштоо, жаман иш кылып коюу.

**НАБЕЖА́ТЬ** *сов.* 1. *на кого-что* (*натолкнуться*) соктугуу, сүрдүгүү (*жүрүп же жүгүрүп келатып*); 2. (*сбежаться*) чогула түшүү, жыйыла калуу; **наро́ду набежа́ло челове́к две́сти** эки жүздөй эл чогулуп калды; 3. *на что, перен.* каптоо, жаап калуу; **на со́лнце набежа́ло о́блако** күндүн көзүн булут каптады; **волна́ набежа́ла на бе́рег** толкун жээкти жайпады; ◇ **набежа́ли проце́нты** процент өстү (*мис. сактык кассага салынган акчанын*).

**НАБЕЗОБРА́ЗНИЧАТЬ** *сов. разг.* ээн баштык кыла коюу, тентектик (шоктук) кыла коюу, жиндилик кыла коюу.

**НАБЕКРЕ́НЬ** *нареч. разг.* алчыланта, кырданта, кыйшайта (*тебетейди*); **наде́ть ша́пку набекре́нь** тебетейин кырданта кийүү.

**НАБЕЛИ́ТЬ** *сов. что* агартуу, актоо.

**НАБЕЛИ́ТЬСЯ** *сов.* упа сыйпанып алуу.

**НА́БЕЛО** *нареч.* таза кылып; **он переписа́л ру́копись на́бело** ал кол жазманы таза кылып көчүрдү.

**НА́БЕРЕЖНАЯ** *ж.* набережная (1. *суунун төшөлгөн жээги;* 2. *сууну жээктей салынган көчө*).

**НАБИВА́ТЬ** *несов. см.* **наби́ть.**

**НАБИВА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **наби́ться;** 2. *страд. к* **набива́ть.**

**НАБИ́ВКА** *ж.* 1. (*наполнение*) тыгуу, шыкоо, шыкап толтуруу; **наби́вка папиро́с** папиросту шыкап толтуруу; 2. кийгизүү; **наби́вка обруче́й на бо́чку** бочкага алкак кийгизүү; 3. *текст.* (*узора на ткань*) набивка (*кездемеге түр түшүрүү*); 4. (*узор на ткани*) кездеменин бетиндеги түр, гүл; 5. (*то, чем набито*): **волосяна́я наби́вка матра́ца** кыл толтурулган матрац.

**НАБИВНО́Й,** -а́я, -о́е 1. шыкап жасалуучу, толтуруп жасалуучу; **набивны́е папиро́сы** шыкап толтурулган папирос; 2. (*набиваемый на что-л.*) кийгизилген; **набивно́й о́бруч** кийгизилген алкак; 3. *текст.* гүлдүү, түр салынган; **набивно́й си́тец** гүлдүү чыт.

**НАБИРА́ТЬ** *несов. см.* **набра́ть.**

**НАБИРА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **набра́ться;** 2. *страд. к* **набира́ть.**

**НАБИ́ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **наби́ть;** 2. *прил.* шыкалган (*толтура шыкалган*); ◇ **наби́тый дура́к** *разг.* барып турган акмак.

**НАБИ́ТЬ** *сов.* 1. *что чем* (*наполнить*) шыкоо, шыкап толтуруу; **наби́ть чу́чело** чучело жасоо; **наби́ть тру́бку** трубканы шыкап толтуруу; **битко́м наби́ть** жык толуу; 2. *что* (*насадить, надеть*) кийгизүү; каптоо; **наби́ть о́бручи на бо́чку** бочкага алкак кийгизүү; 3. *что, текст.* (*отпечатать узор*) гүл түшүрүү, түр салуу (*кездемеге*); 4. *что, разг.*: **наби́ть ши́шку** томуйта коюу; 5. *что, чего* (*вколотить*) кагуу, уруп киргизүү (*мис. мык менен*); 6. *что, кого-чего* (*настрелять*) атып алуу; **охо́тник наби́л мно́го ди́чи** аңчы толуп жаткан илбээсинди атып алды; ◇ **наби́ть це́ну** бааны көтөрүү; **наби́ть карма́н** чөнтөктү толтуруу; **наби́ть оско́мину** 1) тиш каматып алуу; 2) *перен.* абдан жадатуу, көкөйгө тийүү; **наби́ть мо́рду** *груб.* тумшугун талкалоо; **наби́ть себе́ ру́ку на чём-л.** *бир нерсеге* колду маш кылуу, колду үйрөтүү, машыгуу.

**НАБИ́ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. жык толуу, шыкала чогулуу, жыйылуу; **в ко́мнату наби́лось мно́го наро́ду** бөлмөгө эл жык толду; 2. (*напроситься*) өзү жабышуу, асылуу (*мис. конокко барууга, таанышууга*).

**НАБЛЮДА́ТЕЛЬ** *м.* байкоочу.

**НАБЛЮДА́ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* байкагычтык.

**НАБЛЮДА́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о человеке*) байкагыч; 2. (*служащий для наблюдения*) байкоо жүргүзүлүүчү; **наблюда́тельный пункт** байкоо жүргүзүлүүчү пункт.

**НАБЛЮДА́ТЬ** *несов. кого-что, за кем-чем* байкоо, көзөмөлдөө; **наблюда́ть со́лнечное затме́ние** күндүн тутулушун байкоо; **наблюда́ть за поря́дком** тартипке байкоо жүргүзүү.

www.bizdin.kg

**НАБЛЮДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. байкалуу, байкалып туруу; **наблюда́ется ре́зкое пониже́ние температу́ры** температуранын кескин түрдө төмөндөшү байкалат; 2. *страд.* к **наблюда́ть.**

**НАБЛЮДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*изучение*) байкоо, байкоо жүргүзүү, текшерүү жүргүзүү; **взять под наблюде́ние** байкоого алуу, байкап жүрүү; **быть под наблюде́нием врача́** врачтын байкоосунда болуу; 2. (*результат изучения*) байкоо, текшерүүдөн чыккан натыйжа; 3. (*надзор*) кароо, багуу.

**НА'БОЖНОСТЬ** *ж.* такыбалык, дин эрежелерин бек кармоочулук, динчилдик.

**НА'БОЖНЫЙ,** -ая, -ое такыба, динчил.

**НАБО'ЙКА** *ж.* 1. *текст.* кездеменин гүлү, кездеменин түрү (*боёк менен түшүрүлгөн гүл*); 2. (*на каблуке*) бут кийимдин такасына кагылган калың булгаары *же* резина.

**НАБО'ЙЩИК** *м. текст.* набойщик (*кездемеге түр түшүрүүчү жумушчу*).

**НА'БОК** *нареч.* кыйшайта, кыйшык; **он наде́л ша́пку на́бок** ал тебетейин кыйшайта кийди.

**НАБОЛЕ'ВШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **наболе́ть;** 2. *прил. перен.* убактысы жеткен, чечилүүнү талап кылган, толгоосу жеткен; **наболе́вший вопро́с** толгоосу жеткен маселе.

**НАБОЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. ооруп кетүү, оорулуу болуу; **рука́ наболе́ла** кол ооруп кетти; 2. *безл. перен.* жанга батуу, сары убайым басуу; **у него́ наболе́ло на душе́** анын жанына батып жүрөт.

**НАБОЛТА'ТЬ** I *сов. что, чего, разг.* 1. (*наговорить*) болбогон сөздөрдү айтып келжирөө, жокту-барды сүйлөө; **наболта́ть глу́постей** болбогон сөздөрдү айтып келжирөө; 2. *на кого-что* (*наклеветать*) ушактоо, жамандоо, жала жабуу; **на него́ зря наболта́ли** бекер жеринен аны жамандашты.

**НАБОЛТА'ТЬ** II *сов. что, чего, разг.* (*намешать*) аралаштырып чалуу (*мис. жумуртканы сүткө*).

**НАБОЛТА'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*наговориться*) жокту-барды сүйлөшүп кумардан чыккыча келжирешүү.

**НАБО'Р** *м.* 1. (*приём*) алуу, кабыл алуу; **набо́р рабо́чей си́лы** жумушчу күчтөрүн алуу; **объяви́ть набо́р в ремё́сленные учи́лища** ремеслолук училищелерге кабыл алууну жарыялоо; 2. (*состав учащихся и т. п.*) алынгандар; **но́вый набо́р** жаңы алынгандар; 3. *полигр.* (*действие*) терүү; 4. *полигр.* набор (*терүү, терилген арип тер*); 5. (*комплект*) бир нерсенин бүт шайманы; ◇ **набо́р слов** сөздөрдүн мааниси жок тизмеги.

**НАБО'РНАЯ** *ж. полигр.* набор цехи.

**НАБО'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. **набор** 3-*гө т.*; **набо́рная маши́на** набор машинасы; 2. жасалгалуу; **набо́рная сбру́я** жасалгалуу ат жабдык.

**НАБО'РЩИК** *м. полигр.* наборщик (*басмаканада арип терүүчү жумушчу*).

**НАБО'РЩИЦА** *женск. р. к* **набо́рщик;** наборщица.

**НАБРА'СЫВАТЬ** I *несов. см.* **набро́сить.**

**НАБРА'СЫВАТЬ** II *несов. см.* **наброса́ть. I.**

**НАБРА'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **набро́ситься;** 2. *страд. к* **набра́сывать** I.

**НАБРА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-чего, что* (*взять, собрать*) жыйнап алуу, көп алуу, алуу, чогултуп алуу; **набра́ть книг в магази́не** магазинден көп китеп алуу; **набра́ть цвето́в** гүл терип алуу; **набра́ть уча́щихся на ку́рсы** курска окуучулар алуу; 2. *что, полигр.* терүү; **набра́ть заме́тку петито́м** макаланы петит менен терүү; 3. *что* (*достигнуть определённой степени*) тийиштүү даражага жетишүү, жетүү, жетишүү; **набра́ть те́мпы в рабо́те** жумушта тийиштүү даражадагы темпке жетишүү; **автомоби́ль набра́л ско́рость** автомобиль катуу жүрүп бара жатты; ◇ **набра́ть но́мер** (*по телефону*) телефондон тийиштүү номерлерди тегеретип керектүү жер менен байланышуу; **как воды́ в рот набра́л** оозуна талкан куюп алгансып.

**НАБРА'ТЬСЯ** *сов.* 1. *безл.* (*скопиться*) чогулуу, үйүлүү; **в ко́мнату набра́ло́сь мно́го наро́ду** бөлмөгө көп адам чогулду; 2. *чего* батынуу, кайраттануу, бел байлоо, жетишүү, күч алуу, күчкө кирүү; **набра́ться сил** күчкө кирүү, күч жыйноо; **он набра́лся сме́лости** ал кайраттанды; ◇ **с кем поведё́шься, от того́ и наберё́шься** *посл.* жакшы менен жүрсөң жетээрсиң муратка, жаман менен жүрсөң калаарсың уятка.

**НАБРЕДА'ТЬ** *несов. см.* **набрести́.**

**НАБРЕСТИ'** *сов. разг.* 1. *на кого-что* (*натолкнуться*) кокусунан жолугуу, кезигүү; 2. *безл.* чогулуп жыйналып калуу; **набрело́ нема́ло люде́й** бир далай киши чогулуп калды.

**НАБРОСА'ТЬ** I *сов. что, чего* (*накидать*) чачып таштоо, таштай берүү, ыргыта берүү (*бир нерсенин үстүнө*); **наброса́ть бума́г на́ пол** полго кагазды чачып таштоо.

**НАБРОСА'ТЬ** II *сов. что* (*сделать набросок*) набросок кылуу, жонунан (сомосунан) жазуу, жаза салуу; **он наброса́л план докла́да** ал докладдын планын жаза салды.

**НАБРО'СИТЬ** *сов. что* жамынуу, жамына салуу (*мис. жоолукту аркага*).

**НАБРО'СИТЬСЯ** *сов.* 1. *на кого-что* (*напасть*) асылып түшүү, асылуу, чап жабышуу; 2. *на кого-что* (*с бранью и т. п.*) тумшугу менен бир тийүү, адырандоо, атырылуу, жулунуу; 3. *на что* баш көтөрбөй киришүү, үстүнө түшө калуу, жулунуу; **набро́ситься на еду́** тамактын үстүнө түшө калуу, тамакка жутунуу, тамакка жулунуу; **набро́ситься на кни́гу** китепти баш көтөрбөй окуу.

**НАБРО'СОК** *м.* набросок (*алгачкы жасалган проект; иштелип бүтпөгөн чыгарма*).

**НАБРЫ'ЗГАТЬ** *сов. что, чего* чачып салуу, чачыратып салуу; **набры́згать на́ пол воды́** полго суу чачыратып салуу.

**НАБРЮ'ШНИК** *м.* курсак таңгыч, карын байлагыч, курсак калкалагыч.

**НАБРЮ'ШНЫЙ,** -ая, -ое карындын үстүндөгү; **набрю́шный жирово́й слой** карын май.

**НАБРЯ'КНУТЬ** *сов.* суу сиңип көбүү.

**НАБУХА'НИЕ** *ср.* көбүү, бөртүү, барсаюу; **набуха́ние по́чек** бүрлөрдүн көбүшү.

**НАБУХА'ТЬ** *несов. см.* **набу́хнуть.**

**НАБУ'ХНУТЬ** *сов.* 1. (*напр. о почках*) көбүү, бөртүү, барсаюу (*мис. чылаган буудай*); 2. (*от влаги, сырости*) көбүү.

**НАБУЯ'НИТЬ** *сов. разг.* жаңжал чыгаруу, жаңжал салуу.

**НАВА'ГА** *ж.* навага (*түндүк деңизде жашоочу балыктын бир түрү*).

**НАВАЖДЕ'НИЕ** *ср. уст.* кызыктырып алдоо, азгыруу (*динге ишенүүчүлөрдү*); **дья́вольское наважде́ние** шайтан азгыруу.

**НАВА'КСИТЬ** *сов. что, разг.* вакса менен майлоо, өтүк май менен майлоо.

**НАВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **навали́ть.**

**НАВА'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **навали́ться;** 2. *страд. к* **нава́ливать** (*см.* **навали́ть** 1, 3).

**НАВАЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* үстү-үстүнө коюу, үйүп таштоо; 2. *безл. кого-чего, разг.* (*скопиться*) калың түшүү, көп түшүү (*кар, мөндүр*); 3. *что на кого, перен. разг.* (*возложить*) жүктөө, тапшыруу.

**НАВАЛИ'ТЬСЯ** *сов. на кого-что* 1. (*налечь*) үстүнө баса жатуу, салмагы менен басуу; 2. *перен.* (*наброситься, напасть*) жабыла качырып кирүү, жабылуу.

**НАВА'ЛКА** *ж.* байлабай салуу, байлабай жүктөө, үйүп таштоо, төгүп таштоо (*мис. таш көмүрдү*); **в нава́лку** идишсиз эле үстү-үстүнө үйүп; **перевози́ть груз в нава́лку** жүктү үстү-үстүнө үйүп ташуу.

www.bizdin.kg

**НАВА'ЛОМ** *нареч.* идишсиз төгүп, идишсиз үйүп; **грузить картофель в вагоны навалом** картөшкөнү вагонго идишсиз салуу (жүктөө).

**НАВАЛООТБО'ЙЩИК** *м. горн.* навалоотбойщик (*таш көмүрдү уратып түшүрүүчү жана конвейерге жүктөп туруучу жумушчу*).

**НАВА'ЛОЧНЫЙ**, -ая, -ое *горн.* жүктөгүч, жүк салгыч; **навалочная машина в шахтах** шахтадагы көмүр жүктөгүч машина.

**НАВАЛЯ'ТЬ** *сов. что, чего, разг.* 1. (*валянием*) басуу (*мис. кийиз*); 2. *разг.* (*сделать что-л. небрежно*) чүргөй салуу, эптей салуу.

**НАВА'Р** *м.* калкыган май (*бышкан суюк тамактын үстүнө калкып чыккан май*).

**НАВА'РИВАНИЕ** *ср. тех.* ширетүү (*мис. темирди*).

**НАВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **наварить** II.

**НАВА'РИСТЫЙ**, -ая, -ое майлуу, ширелүү (*мис. сорпо*).

**НАВАРИ'ТЬ** I *сов. что, чего* (*сварить*) бышыруу; **наварить супу** сорпо бышыруу.

**НАВАРИ'ТЬ** II *сов. что, тех.* ширетүү (*мис. темир*).

**НАВА'РКА** *ж. см.* **наваривание.**

**НАВАРНО'Й**, -ая, -ое *тех.* ширетилген (*темир*).

**НАВА'РНЫЙ**, -ая, -ое *см.* **наваристый.**

**НАВА'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **навощить.**

**НАВЕВА'ТЬ** *несов. см.* **навеять I.**

**НАВЕ'ДАТЬСЯ** *сов. разг.* барып кабар алуу, ал-жайын билип келүү.

**НАВЕДЕ'НИЕ** *ср.*: **наведение лоска** жалтырак түшүрүү, жалтырак салуу, жалтыратуу; ◇ **наведение справок** сураштырып билүү; **наведение порядка** тартипке келтирүү, тартипке салуу.

**НАВЕ'ДЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **наведаться.**

**НАВЕЗТИ'** *сов. чего* көп алып келүү, көп ташып келүү (*мис. товарды*).

**НАВЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **навеять I.**

**НАВЕ'К** *нареч. см.* **навеки.**

**НАВЕ'КИ** *нареч.* түбөлүккө.

**НАВЕРБОВА'ТЬ** *сов. кого-что* вербовка кылуу, ыктыярдууларды тартуу (алуу).

**НАВЕ'РНО** 1. *вводн. сл.* балким, мүмкүн; **наверно, так и будет** балким, ушундай болушу мүмкүн; 2. *нареч.* шексиз, анык, сөзсүз; **задание я выполню наверно** тапшырманы мен сөзсүз орундайм.

**НАВЕ'РНОЕ** *вводн. сл. см.* **наверно** 1.

**НАВЕРНУ'ТЬ** *сов. что* 1. (*намотать*) ороо; 2. (*навинтить*) бурап бекитүү.

**НАВЕРНУ'ТЬСЯ** *сов.* келүү, пайда болуу; **слёзы навернулись у неё на глаза** анын көзүнө жаш келе түштү, анын көзүнө жаш кылгыра түштү.

**НАВЕРНЯКА'** *нареч. разг.* 1. (*обязательно*) шексиз, сөзсүз; **он придёт наверняка** ал шексиз келет; 2. (*безошибочно*) катасыз, жаңылышпастан; **действовать наверняка** жаңылышсыз аракет кылуу.

**НАВЕРСТА'ТЬ** *сов. что, разг.* эсесин толтуруу, кээсин чыгаруу; **наверстать потерянное время** бошко кеткен убакыттын эсесин толтуруу.

**НАВЁРСТЫВАТЬ** *несов. см.* **наверстать.**

**НАВЕРТЕ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*намотать*) ороо; 2. *что, чего* (*просверлить*) бурап тешүү; **навертеть отверстий** бурап бир нече тешик тешүү, бир нече тешикти бурап тешүү.

**НАВЁРТЫВАТЬ** *несов.* 1. *см.* **навернуть;** 2. *см.* **навертеть** 1.

**НАВЁРТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **навернуться;** 2. *страд. к* **навёртывать.**

**НАВЕ'РХ** *нареч.* 1. үстүнө, үстүгө, жогору; **положить чемодан наверх** чемоданды үсту жакка коюу; **подняться наверх** жогору чыгуу, жогору көтөрүлүү; **все наверх!** (*команда*) баарыңар жогоруга! (*моряктарга берилүүчү команда*); 2. жогору, өөдө; **посмотреть наверх** өөдө кароо.

**НАВЕРХУ'** *нареч.* жогору жакта, жогоруда, үстүндө, үстүдө; **наверху теплее, чем внизу** төмөн жакка караганда жогору жакта жылуураак.

**НАВЕ'С** *м.* 1. (*крыша*) бастырма, сере (*дубалы жок, түркүктөргө жабылып жасалган чатырча*); 2. (*нависшая часть чего-л.*) бир нерсенин самсаалап асылып турган жери (*мис. аска*).

**НАВЕСЕЛЕ'** *нареч. разг.* ала чакмак болуп, алагүү.

**НАВЕ'СИТЬ** *сов.* 1. *что, разг.* (*подвесить*) илип орнотуу; **навесить дверь** эшик орнотуу; 2. *чего, разг.* илүү, асуу (*мис. сүрөттү*).

**НАВЕ'СКА** *ж. тех.* 1. (*действие*) илип бекитүү, асып бекитүү (*мис. каалганы*); 2. (*петля*) илгич, илмек темир (*мис. каалга асылуучу*).

**НАВЕСНО'Й**, -ая, -ое асма, асылма (*мис. каалга*).

**НАВЕ'СНЫЙ**, -ая, -ое: **навесный огонь** *воен.* артылта аткан ок.

**НАВЕСТИ'** *сов.* 1. *кого-что* (*направить, привести*) жолуктуруу, алып баруу, салып жиберүү; **навести на след** изге салып жиберүү; 2. *что* (*нацелить*) бет алдыруу, каратуу, далдоо; **навести револьвер** тапанчаны далдоо; ◇ **навести на мысль** пикир туудуруу; **навести красоту** *разг.* сулууланyу; **навести глянец** *или* **навести лоск** жалтыратуу; **навести мост** *тех.* (*убактылуу*) көпүрө салуу; **навести справку** сураштырып билүү; **навести порядок** тартипке салуу.

**НАВЕСТИ'ТЬ** *сов. кого* алын билүүгө баруу, учурашуу, жолугуп кайтуу; көңүл суроо (*больного*).

**НА ВЕСУ'** *см.* **вес.**

**НАВЕ'Т** *м. уст.* доомат, жала, калп күнөө.

**НАВЕ'ТРЕННЫЙ**, -ая, -ое шамал жагындагы; **наветренная сторона** шамал жаккы бет (тарап).

**НАВЕ'ЧНО** *нареч.* түбөлүккө.

**НАВЕ'ШАТЬ** I *сов. что, чего* (*повесить*) асуу, тагуу (*көп жерге*).

**НАВЕ'ШАТЬ** II *сов. что, чего* (*на весах*) таразага тартуу, таразалап өлчөп коюу.

**НАВЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **навесить.**

**НАВЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **навешать.**

**НАВЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **навестить.**

**НАВЕ'ЯТЬ** I *сов.* 1. *что, чего* (*о ветре*) согуу, жүрүү, болуу; **ветер навеял прохладу** жел согуп салкындатты; 2. *перен.* салуу, түшүрүү, келтирүү; **этот рассказ навеял на меня приятные воспоминания** бул аңгеме жакшы эстеликтерди эсиме салды; **навеять сон** уйку келтирүү.

**НАВЕ'ЯТЬ** II *сов. что, чего, с.-х.* сапыруу; **навеять пшеницы** буудай сапыруу.

**НА'ВЗНИЧЬ** *нареч.* чалкасынан; **упасть навзничь** чалкасынан жыгылуу.

**НАВЗРЫ'Д** *нареч.*: **плакать навзрыд** өкүрүп ыйлоо.

**НАВИВА'ТЬ** *несов. см.* **навить.**

**НАВИГА'ТОР** *м.* навигатор (*навигация жагынан специалист*).

**НАВИГАЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **навигация**-*га т.*; навигациялык; **навигационный период** навигация мезгили.

**НАВИГА'ЦИЯ** *ж.* навигация (1. *деңизде, сууда кеме жүрүү*; 2. *жыл мезгилинин кеме жүрүүчү убагы*; 3. *кеме алып жүрүү усталыгы*; *кеме жүргүзүү илими*).

**НАВИДА'ТЬСЯ** *сов. чего, разг.* далайды көрүү, көптү көрүү.

**НАВИНТИ'ТЬ** *сов. что* бурап кийгизүү, бурап бекитүү.

**НАВИ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **навинтить.**

**НАВИСА'ТЬ** *несов. см.* **нависнуть.**

**НАВИ'СЛЫЙ**, -ая, -ое *разг. см.* **нависший** 1.

**НАВИ'СНУТЬ** *сов.* 1. (*напр. о бровях*) салаңдап туруу, асылып туруу; 2. *над кем-чем* (*висеть*) асылып туруу (*напр.*

www.bizdin.kg

**НАГЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **нагла́дить.**

**НАГЛА'ЗНИК** *м.* 1. көз айнек (*жарыктан, чаңдан сактоочу көз айнек*); 2. (*для лошади*) көздүк (*үркүнчөөк аттын көзүнүн арт жагына тагылуучу калканчык*).

**НАГЛА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое көздү сактоо үчүн тартылуучу; **нагла́зный щито́к** көзгө тартылуучу калканчык.

**НАГЛЕ'ТЬ** *несов.* уятсыздана баштоо, барган сайын абийирсиздене баштоо.

**НАГЛЕ'Ц** *м.* уятсыз киши, бетпак.

**НА'ГЛО** *нареч.* уялбастан, бети чымырабастан; **на́гло смотре́ть в глаза́** уялбастан көзгө тике кароо

**НА'ГЛОСТЬ** *ж.* уятсыздык, бетпактык.

**НАГЛОТА'ТЬСЯ** *сов. чего, разг.* абдан көп жутуу, абдан көп ичүү; **наглота́ться воды́** сууну абдан көп жутуу.

**НА'ГЛУХО** *нареч.* 1. (*плотно*) жылчыксыз, абдан бек; 2. (*на все пуговицы*): **на́глухо застегну́ть пальто́** пальтонун бардык топчусун топчулоо.

**НАГЛУШИ'ТЬ** *сов. кого-чего* эсин оодарып, кулагын тундуруп кармоо (*музду же сууну уруп, балыктын кулагын тундуруп, эсин оодарып кармоо*).

**НА'ГЛЫЙ,** -ая, -ое уятсыз, бетсиз, бетпак.

**НАГЛЯДЕ'ТЬСЯ** *сов. на кого-что* моокуму канганча көрүү (кароо); **мать не мо́жет нагляде́ться на своего́ ребёнка** өзүнүн баласын карай берип эненин моокуму канбайт.

**НАГЛЯ'ДНО** *нареч.* көрүнөө, көз көрүнөө, апачык, көрсөгүп туруп.

**НАГЛЯ'ДНОСТЬ** *ж.* ачыктык, даанaлык, көрсөтмөлүүлүк; **привести́ приме́р для нагля́дности** ачыктык үчүн мисал келтирүү; **нагля́дность обуче́ния** окутуунун көрсөтмөлүүлүгү.

**НАГЛЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*убедительный*) көрүнүктүү; **нагля́дное доказа́тельство** көрүнүктүү далил; 2. (*основанный на показе*) көрсөтмөлүү; **нагля́дный ме́тод** көрсөтмөлүү метод; **нагля́дные посо́бия** көрсөтмө куралдар (*көрсөтмөлүү окуунун куралдары: карта, сүрөт, таблица, куштардын кеби ж. б.*).

**НАГНА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **нагнои́ться.**

**НАГНА'ТЬ** I *сов.* 1. *кого-что* (*догнать*) кууп жетүү, кубалап жетүү, кууп кармоо (*мис. качкынды*); 2. *что, кого-чего* (*согнать, сосредоточить*) айдап келүү, айдап чогултуу (*көп нерсени, мис. малды*); ◇ **нагна́ть сон** уйку келтирүү; **нагна́ть тоску́** ичти бышыруу; **нагна́ть стра́ху** коркутуп жанын чыгаруу.

**НАГНА'ТЬ** II *сов.* (*добыть перегонкой*) тартуу, чыгаруу; **нагна́ть спи́рту** спирт чыгаруу.

**НАГНЕСТИ'** *сов. см.* **нагнета́ть.**

**НАГНЕТА'НИЕ** *ср. тех.* шыкоо, шыкап чогултуу, шыкап толтуруу, толтуруу, кысып *же* басып бир жерге чогултуу.

**НАГНЕТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *тех.*: **нагнета́тельный насо́с** шыкагыч, шыкап толтургуч (*мис. велосипед насосу*).

**НАГНЕТА'ТЬ** *несов. что, тех.* шыкоо, шыкап толтуруу, толтуруу, кысып *же* басып бир жерге чогултуу; **нагнета́ть во́здух** абаны шыкап толтуруу.

**НАГНОЕ'НИЕ** *ср. мед.* ириңдөө.

**НАГНОИ'ТЬСЯ** *сов.* ириңдеп кетүү.

**НАГНУ'ТЬ** *сов. кого-что* ийүү, эңкейтүү.

**НАГНУ'ТЬСЯ** *сов.* ийилүү, эңкейүү.

**НАГОВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **наговори́ть.**

**НАГОВО'Р** *м. уст.* 1. (*клевета*) ушак, жала, жамандоо; 2. (*заклинание*) окуп дарымдоо, окуп байлоо.

**НАГОВОРИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, разг.* көп сүйлөө, оозуна келгенди сүйлөө; **наговори́ть неприя́тностей** жаман айтуу; 2. *на кого-что, разг.* (*наклеветать*) ушактоо, жамандоо; 3. *что* (*произвести звуковую запись*) сүйлөп *же* ырдап берүү (*фонографка, плёнкага жазуу үчүн*).

**НАГОВОРИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* моокуму канганча сүйлөшүү, кумардан чыга сүйлөшүү.

**НАГО'Й,** -а́я, -о́е жылаңач; **наги́е дере́вья** жылаңач жыгачтар.

**НА'ГОЛО** *нареч.* (*совершенно не оставив волос*) такырайта; **он остри́гся на́голо** ал чачын такырайта алдырды.

**НАГОЛО'** *нареч.*: **ша́шки наголо́** кылычты чыгар (*кынынан сууруп ал*).

**НА'ГОЛОВУ** *нареч.*: **разби́ть на́голову** таш-талканын чыгаруу.

**НАГОЛОДА'ТЬСЯ** *сов. разг.* аябай ачка болуу, кезерүү.

**НАГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кездеме менен тышталбаган (*тери кийим жөнүндө*); **наго́льный тулу́п** тон.

**НАГОНЯ'Й** *м. разг.* каккы, жеме.

**НАГОНЯ'ТЬ** *несов. см.* **нагна́ть** I.

**НА-ГОРА'** *нареч. горн.*: **вы́дать у́голь на-гора́** казылган көмүрдү сыртка чыгаруу (*шахтадан жер үстүнө*).

**НАГОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **нагороди́ть.**

**НАГОРА'ТЬ** *несов. см.* **нагоре́ть.**

**НАГОРЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*дать нагар*) күйүп караюу (*мис. шамдын пилиги*); 2. *безл.* (*о горючем, электричестве*) күйүү; **за ме́сяц нагоре́ло кероси́на на де́сять рубле́й** бир айдын ичинде он сомдук керосин жагылды; 3. *безл. разг.* (*о наказании, выговоре*) тил угуу, жеме көрүү, **ребя́там нагоре́ло от отца́ за ша́лости** тентектик кылган үчүн балдар атасынан тил укту.

**НАГО'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*гористый*) тоолуу; **наго́рный бе́рег реки́** суунун тоолуу жээги; 2. (*находящийся на горах*) тоодогу, тоо жактагы; **наго́рное па́стбище** тоодогу мал жайыты.

**НАГОРОДИ'ТЬ** *сов. что, чего, разг.* 1. (*огораживая, построить*) тосуу, тосмо жасоо; 2. *перен.* (*наговорить вздор*) сандырактоо, балпылдоо.

**НАГО'РЬЕ** *ср.* тайпак тоо.

**НАГОСТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* абдан конок болуу, конок болуп көпкө чейин жатуу.

**НАГОТА'** *ж.* жылаңачтык, жылаңач жер; **прикры́ть наготу́** жылаңач денесин жабуу.

**НАГОТА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **наготови́ть.**

**НАГОТО'ВЕ** *нареч.* даяр, дапдаяр.

**НАГОТО'ВИТЬ** *сов. что, чего, разг.* 1. (*запасти*) даярдоо, камдоо, даярдап коюу, камдап коюу; 2. (*настряпать*) көп тамак бышыруу, көп тамак камдоо.

**НАГОТО'ВИТЬСЯ** *сов. разг.* көп кылып камдоо; **на всех не наготóвишься** даярдап элдин баарына жеткире албайсың.

**НАГРА'БИТЬ** *сов. что, чего* талап алуу, карактап алуу.

**НАГРА'ДА** *ж.* сый, сыйлык; **высо́кая прави́тельственная награ́да** өкмөттүк жогорку сыйлык.

**НАГРАДИ'ТЬ** *сов. кого чем* 1. сыйлоо, сыйлык берүү; 2. *перен.* (*наделить*) сыйлоо; **приро́да ще́дро награди́ла его́** табият аны аябай сыйлаган, габият ага аябаган чоң зээн берген; ◇ **награди́ть** *кого-л.* **улы́бкой** бирөөгө өзүнүн алкышын, ыраазы экенин *же* аны жакшы көргөндүгүн жылмайып күлүп билдирүү.

**НАГРАДНО'Й,** -а́я, -о́е 1. **награда**-*га* *т.*; **наградно́й спи́сок** сыйлыктар тизмеси; 2. *в знач. сущ.* **наградны́е** *мн.* сыйлык акча, сыйга берилген *же* берилүүчү акча.

**НАГРАЖДА'ТЬ** *несов. см.* **награди́ть.**

**НАГРАЖДЕ'НИЕ** *ср.* сыйлык берүү.

**НАГРАФИ'ТЬ** *сов. что* графалоо, сызуу, сызык түшүрүү.

**НАГРЕБА'ТЬ** *несов. см.* **нагрести́.**

**НАГРЕ'В** *м.* 1. (*действие*) ысуу, жылуу; 2. *тех.* (*нагреваемая поверхность*) ысуучу бет.

**НАГРЕВА'НИЕ** *ср.* ысытуу, жылытуу.

**НАГРЕВА'ТЕЛЬ** *м. тех.* ысыткыч, жылыткыч (*аппарат*).

www.bizdin.kg

**НАГРЕВА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *тех.* ысытуучу, жылытуучу; **нагрева́тельный аппара́т** ысытуучу аппарат; **нагрева́тельные прибо́ры** ысытуучу приборлор; **нагрева́тельная пове́рхность** жылуучу бет (үстү).

**НАГРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **нагре́ть.**

**НАГРЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **нагре́ться;** 2. *страд. к* **нагрева́ть.**

**НАГРЕСТИ'** *сов. что, чего* тырмап, күреп, шилеп чогултуу.

**НАГРЕ'ТЬ** *сов.* 1. *что, чего* ысытуу, жылытуу; 2. *кого, перен. прост.* (*одурачить*) алдоо, алдап жеп кетүү, күйгүзүү; ◇ **нагре́ть себе́ ру́ки** *разг.* үкүнүн уясын *же* май чукур табуу (*бир иштин айланасында жымкырып, кытып дүйнө табуу*).

**НАГРЕ'ТЬСЯ** *сов.* ысуу, жылуу.

**НАГРИМИРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* гримдөө, грим менен абдан жасоо.

**НАГРИМИРОВА'ТЬСЯ** *сов.* гримделүү, грим жасалуу, гримденүү (*мис. артист*).

**НАГРОМОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **нагромозди́ть.**

**НАГРОМОЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) иретсиз, баш-аягы жок үйүп таштоо; 2. (*груда*) баш-аягы жок үйүлүп жаткан нерсе.

**НАГРОМОЗДИ'ТЬ** *сов. что, чего* 1. үймөлөктөө; иретсиз, тартипсиз, баш-аягы жок таштоо; 2. *перен.* ыгы жок нерселер менен толтуруу; **в статье́ а́втор нагромозди́л ку́чу приме́ров** автор макаланы ыгы жок мисалдар менен толтурган.

**НАГРУБИ'ТЬ** *сов. кому* оройлук кылуу, орой сөз айтуу.

**НАГРУБИЯ'НИТЬ** *сов. разг. см.* **нагруби́ть.**

**НАГРУ'ДНИК** *м.* 1. (*детский*) боркок; 2. (*часть верховой сбруи*) көмөлдүрүк; 3. *ист.* соот (*төшкө сактоочу соот*).

**НАГРУ'ДНЫЙ**, -ая, -ое төшкө (көкүрөккө) тагылуучу, төшкө (көкүрөккө) жасалуучу; **нагру́дный знак** төшкө тагылуучу белги; **нагру́дный карма́н** төш чөнтөк.

**НАГРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **нагрузи́ть.**

**НАГРУЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **нагрузи́ться;** 2. *страд. к* **нагружа́ть.**

**НАГРУЗИ'ТЬ** *сов. кого-что чем* 1. жүктөө, артуу; 2. *перен.* милдет тапшыруу, жүктөө, тапшырма берүү.

**НАГРУЗИ'ТЬСЯ** *сов. чем* жүктөлүү, артылуу.

**НАГРУ'ЗКА** *ж.* 1. (*действие*) жүктөө, артуу; 2. (*груз*) нагрузка, жүк; 3. *разг.* (*обязанности*) милдет, иш; 4. *тех.* нагрузка (*электр күчүнүн электр сымынан өтүү единицасы*).

**НАГРЯЗНИ'ТЬ** *сов. разг.* булгоо, ыпыластоо, кирдетүү.

**НАГРЯ'НУТЬ** *сов. разг.* аңдоосуздан кол салуу, чабуул коюу, аңдоосуздан качырып сала берүү, күтпөгөн жерден келип калуу; **нагря́нули го́сти** конок келип калды.

**НАГУ'Л** *м. с.-х.* эт алуу, семирүү; **ле́тний нагу́л скота́** малдын жайкы семириши.

**НАГУ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **нагуля́ть.**

**НАГУЛЯ'ТЬ** *сов. что, чего* оттоп жүрүп семирүү; **скот нагуля́л жи́ру** мал оттоп жүрүп семирди.

**НАГУЛЯ'ТЬСЯ** *сов. разг.* кумардан чыга, моокуму кана тамаша кылуу, ойноо.

**НАД (НАДО)** *предлог с твор. п.* 1. (*поверх, выше кого-чего-л.*) үстүндө, төбөсүндө, үстү жакта; **над го́родом лета́ли самолёты** шаардын үстүндө самолёттор учуп жүрдү; 2. (*при обозначении направленности действия*) -га, үстүндө, жөнүндө, тууралу; **он сиди́т над реше́нием зада́чи** ал маселе чыгарып отурат; **он рабо́тает над э́тим вопро́сом уже́ не́сколько лет** ал бу маселенин үстүндө бир нече жылдан бери иштеп келе жатат; **мать сжа́лилась над ни́ми** аларга эненин боору ооруду; **не сме́йся надо мно́й** мени шылдың кылба.

**НАД= (НАДО=)** *приставка* 1. *этиш жасайт; мис:* **надстро́ить** үстүнө куруу; **надломи́ть** бир аз сындыруу; **надкуси́ть** четинен тиштеп алуу; 2. *зат атооч жана сын атооч жасайт; мис.* **надко́стный** сөөктүн үстүндөгү (сыртындагы).

**НАДАВА'ТЬ** *сов. кому что, чего, разг.* көп берүү, далай берүү, бере берүү; **надава́ть обеща́ний** убада бере берүү; **надава́ть поруче́ний** тапшырма бере берүү.

**НАДАВИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, на что* (*нажать*) басуу, ныгыруу, сыгуу; **ты надави́л на край стола́** сен үстөлдүн четин ныгыра бастың; 2. *что, чего* (*выжать*) сыгуу, сыгып чыгаруу; **он надави́л виногра́дного со́ку** ал жүзүм суусун сыгып чыгарды.

**НАДА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **надави́ть.**

**НАДА'ИВАТЬ** *несов. см.* **надои́ть.**

**НАДАРИ'ТЬ** *сов. что, чего, разг.* сыйлап берүү, сыйлагандан сыйлоо, үстү-үстүнө сыйлоо.

**НАДБА'ВИТЬ** *сов.* үстөө, үстөк кылуу, кошуу, кошумчалоо, көтөрүү.

**НАДБА'ВКА** *ж.* кошумча, үстөмө, үстөк, кошумчалоо; **надба́вка за вы́слугу лет** көп жыл кызмат кылганы үчүн кошумча акы.

**НАДБАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **надба́вить.**

**НАДБИВА'ТЬ** *несов. см.* **надби́ть.**

**НАДБИ'ТЬ** *сов. что* кетилтүү, четин сындыруу, кетик чыгаруу, бир аз жерин сындыруу; **надби́ть яйцо́** жумуртканы чегип сындыруу.

**НАДБРО'ВНЫЙ**, -ая, -ое каш үстүндөгү; **надбро́вные ду́ги** каш сөөгү.

**НАДБРО'ВЬЕ** *ср. анат.* каш үстү, каштын үстү жагы.

**НАДБРЮ'ШНЫЙ**, -ая, -ое *анат.* карын сыртындагы, карын үстүндөгү.

**НАДВИГА'ТЬ** *несов. см.* **надви́нуть.**

**НАДВИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **надви́нуться;** 2. *страд. к* **надвига́ть.**

**НАДВИ'НУТЬ** *сов. что на кого-что* жылдыруу, түшүрүү, бастыруу; **надви́нуть ша́пку на́ уши** шапканы кулакка түшүрүү.

**НАДВИ'НУТЬСЯ** *сов.* 1. жылуу, жылып келүү, жылып баруу, жылып жанашуу, жакындоо; **ту́чи надви́нулись** кара булуттар жылып келип салаңдап турду; 2. *перен.* жакын келүү, кирип келүү; **надви́нулась ста́рость** карылык жакындап келди.

**НАДВО'ДНЫЙ**, -ая, -ое суу үстүндөгү, суу сыртындагы; **надво́дная часть парохо́да** пароходдун суу үстүндөгү бөлүгү.

**НА'ДВОЕ** *нареч.* экиге, эки бөлүккө; ◇ **ба́бушка на́двое сказа́ла** *погов.* эки анжы кылып айтуу; болор-болбосу белгисиз; же болот, же болбойт.

**НАДВО'РНЫЙ**, -ая, -ое короодогу, короо ичиндеги, дубал ичиндеги; **надво́рные постро́йки** короодогу курулуштар (*мис. аткана, тооккана ж. б.*).

**НАДВЯЗА'ТЬ** *сов. что* 1. (*напр. чулки*) улап согуу; 2. (*привязать, удлинить*) жалгоо, улаштыруу.

**НАДВЯ'ЗКА** *ж.* 1. (*действие*) улоо, улап согуу (*мис. байпакты*); 2. (*надвязанная часть*) уланды, жалганды, улап согулган бөлүгү; **чулки́ се́рые, а надвя́зка си́няя** байпактын өзү боз, уландысы көк.

**НАДВЯ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **надвяза́ть.**

**НАДГОРТА'ННИК** *м. анат.* коко.

**НАДГРО'БНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*могильный*) мүрзө үстүнө коюлган, мүрзө үстүндөгү; **надгро́бная на́дпись** мүрзө үстүндөгү жазуу; 2. өлүктү коюп жаткандагы; **надгро́бное сло́во** өлүктү коюп жаткандагы сөз.

**НАДГРЫЗА'ТЬ** *несов. см.* **надгры́зть.**

**НАДГРЫ'ЗТЬ** *сов. что* тиштеп алуу, тиштөө, кемирүү (*мис. алманы*).

**НАДДАВА'ТЬ** *несов. см.* **надда́ть.**

**НАДДА'ТЬ** *сов. что, чего, разг.* кошумчалоо, дагы кошуу, ылдамдатуу, ыкчамдатуу; **надда́ть жа́ру** дагы ысытуу, ысыта түшүү; **конь надда́л хо́ду** ат ылдамдап жүрдү.

www.bizdin.kg

**НАДЕБОШИ'РИТЬ** *сов. разг.* чыр (чатак) салып жиберүү, чыр чыгарып ийүү.
**НАДЁВАННЫЙ**, -ая, -ое *разг.* кийилген (*жаңы эмес*).
**НАДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **надéть.**
**НАДЕВА'ТЬСЯ** *несов. страд. к* **надевáть.**
**НАДЕ'ЖДА** *ж.* үмүт; **подавáть надéжду** үмүт туудуруу; **витáть надéжду** үмүттөнүү, ишенүү.
**НАДЁЖНОСТЬ** *ж.* **1.** ишенимдүүлүк, ишеничтүүлүк; **2.** (*прочность*) бекемдик, мыктылык.
**НАДЁЖНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*верный, внушающий доверие*) ишенимдүү, ишеничтүү; **надёжный друг** ишенимдүү дос; **2.** (*прочный*) бек, бекем, мыкты; **в надёжном мéсте** тынгылыктуу (бекем) жерде (жайда).
**НАДЕ'Л** *м.* **1.** үлүш бөлүп берүү; **2.** *ист.* надел (*революциядан мурунку деревняда — дыйкандын пайдалануусуна кесилип берилген жер*).
**НАДЕ'ЛАТЬ** *сов. что, чего* көп-көп жасоо; **надéлать игрýшек** көп-көп оюнчук жасоо; ◇ **надéлать хлопóт** убара кылуу, түйшүккө салуу; **надéлать ошúбок** көп ката жиберүү.
**НАДЕЛЕ'НИЕ** *ср.* бөлүп берүү, энчи берүү.
**НАДЕЛИ'ТЬ** *сов. кого, чем* **1.** (*предоставить*) бөлүп берүү, энчи берүү, берүү; **2.** *перен.* (*одарить*) сыйлоо, сый кылып берүү; **прирóда щéдро наделúла егó талáнтом** табият ага талантты мол берген.
**НАДЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **наделúть.**
**НАДЁРГАТЬ** *сов. что, чего* жулуу, үзүү, суруу (*белгилүү санда, өлчөмдө*); ◇ **надёргать цитáт** *разг.* цитатаны андан-мындан эле иретсиз ала берүү.
**НАДЕРЗИ'ТЬ** *сов. кому, разг.* орой сөз айтуу, корс сөз айтуу, курсүлдөө.
**НАДЁРНУТЬ** *сов.* силкип жабуу, тартып жабуу, серпип жабуу; **надёрнуть на себя́ одея́ло** жуурканды тартып жамынуу.
**НАДЕ'ТЬ** *сов. что* **1.** кийүү, кийгизүү, кийдирүү; **надéть плáтье** көйнөк кийүү; **надéть кольцó на пáлец** бармакка шакек салуу; **надéть сбрýю** ат жабдыгын атка салуу; **2.** тагуу, кадоо (*мис. орден*).
**НАДЕ'ЯТЬСЯ** *несов. на кого-что и с неопр.* үмүт кылуу, ишенүү, эш кылуу; **надéяться на успéх** ийгилик болот деп ишенүү; **надéяться вы́здороветь** айыгам деп ишенүү; **надéюсь** 1) ишенем, үмүт кылам; 2) *вводн. сл.*: **ты, надéюсь, пóмнишь о своём обещáнии** убадаң эсиңде бардыр, деймин; ◇ **на бóга надéйся, а сам не плошáй** *посл.* кудайга ишенсең, жөө каласың.
**НАДЗЕ'МНЫЙ**, -ая, -ое жер үстүндөгү, жер бетиндеги, жердин сыртындагы; **надзéмные чáсти растéния** өсүмдүктүн жер сыртындагы бөлүктөрү.
**НАДЗИРА'ТЕЛЬ** *м.* надзиратель, сакчы, кароолчу, көзөмөлдөөчү (*бирөөнү же бир нерсени кайтарып, карап туруучу адам*); **тюрéмный надзирáтель** түрмө сакчысы.
**НАДЗИРА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **надзирáтель.**
**НАДЗИРА'ТЬ** *несов. за кем-чем* көздөө, кароо, байкоо, кайтаруу, күзөтүү.
**НЕЙТРА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* нейтралдуулук.

**НЕЙТРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. *хим.* нейтралдуу (*щёлочтуу же кислоталуу реакция бербеген*); 2. *полит.* нейтралдуу, бейтарап (*мамлекеттер арасындагы согушка катышпаган*); 3. *полит.* нейтралдуу (*эч бир тарапка кошулбаган, калыс*).

**НЕЙТРО'Н** *м. физ.* нейтрон (*атом ядросунун ичиндеги электр заряды жок бөлүк*).

**НЕКАЗИ'СТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* көрксүз, сымбатсыз, кейпи жаман.

**НЕКВАЛИФИЦИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое квалификациясыз, квалификациясы жок; **неквалифици́рованный рабо́чий** квалификациясы жок жумушчу; **неквалифици́рованный труд** квалификацияны керек кылбаган эмгек.

**не́кем** *мест. твор. п. от* **не́кого.**

**НЕ'КИЙ** *мест. неопр.* 1. (*некоторый*) кимдир, кандайдыр; **произошёл не́кий разнобо́й** кандайдыр баш аламандык болуп калды; 2. (*какой-то*) кимдир, кандайдыр, деген бирөө; **не́кий Караба́ев** Карабаев деген бирөө.

**НЕКЛЕ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое *биол.* клеткадан түзүлбөгөн, клеткадан турбаган; **некле́точные фо́рмы живо́го вещества́** жандуу заттын клеткасыз формалары.

**НЕКО'ВКИЙ,** -ая, -ое *тех.* созулбас, сомдолбос; **неко́вкий мета́лл** сомдолбос металл.

**НЕ'КОГДА** I *нареч. в знач. сказ.* (*нет времени*) чоло жок, убакыт жок, кол тийбейт; **мне не́когда** колум тийбейт.

**НЕ'КОГДА** II *нареч.* (*когда-то*) бир заманда; байыркы, мурунку бир убакытта; **не́когда здесь была́ пусты́ня, а тепе́рь цвету́т сады́** мурунку бир убакытта бул жер тим эле бир ээн талаа эле, азыр болсо, мында гүлдөгөн бактар өсүп жатат.

**НЕ'КОГО** *мест. отриц. с неопр.*: **не́кого посла́ть** жиберүүгө эч ким жок; **не́ у кого спроси́ть** суроого эч ким жок; **не́кому поручи́ть э́то де́ло** муну тапшыра турган эч ким жок; **не́кому е́хать** баруугa эч ким жок, бара турган киши жок; **не́кем замени́ть** алмаштырууга (ордуна коюуга) эч ким жок; **не́ о ком расска́зывать** эч ким тууралу айта турган сөз жок; **не́ с кем сыгра́ть** ойноого эч ким жок.

**НЕКОЛЕБИ'МЫЙ,** -ая, -ое *см.* **непоколеби́мый.**

**НЕКОМПЕТЕ'НТНОСТЬ** *ж.* билбестик, билбегендик, тажрыйбасыздык, ошол иштен кабары (билими) жоктук.

**НЕКОМПЕТЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое билбеген, тажрыйбасыз, ошол иштен кабары (билими) жок.

**НЕКОМПЛЕ'КТНЫЙ,** -ая, -ое комплектүү эмес, комплектиси толук эмес.

**не́кому** *мест. дат. п. от* **не́кого.**

**НЕКОРРЕ'КТНОСТЬ** *ж.* одонолук, ородлук, чогоолдук, адепсиздик.

**НЕКОРРЕ'КТНЫЙ,** -ая, -ое одоно, орой, чогоол, адепсиз.

**НЕ'КОТОРЫЙ,** -ая, -ое *мест. неопр.* 1. (*какой-то*) бир аз, бир топ; **на э́то потре́буется не́которое вре́мя** бул үчүн бир аз убак керек болот; **не́которые дере́вья уже́ цвету́т** кээ бир жыгачтар гүлдөп жатат; 2. **не́которые** *мн.* (*не все*) кээ бир, кайсы бир.

**НЕКРАСИ'ВО** 1. *нареч.* сулуу эмес, көркөм эмес; 2. *в знач. сказ.* жакшы эмес, туура эмес, ылайык эмес, жаман; **так поступа́ть некраси́во** мындай кылуу жакшы эмес.

**НЕКРАСИ'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. сулуу эмес, кооз эмес, көрксүз; 2. *перен.* жакшы эмес, туура эмес, ылайык эмес, жаман, жарабаган; **вскры́лись некраси́вые дела́** жаман иштер ачылды.

**НЕКРЕДИТОСПОСО'БНОСТЬ** *ж. ком.* карызын төлөөгө кудуретсиздик.

**НЕКРЕДИТОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое *ком.* карызын төлөөгө кудуретсиз, күчсүз.

**НЕКРЕ'ПКИЙ,** -ая, -ое: **некре́пкий чай** анча коюу эмес чай, анча кызыл эмес чай.

**НЕКРИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое сын көзү менен карабаган; **некрити́ческое отноше́ние к свое́й рабо́те** өз ишине сын көзү менен карабагандык.

**НЕКРОЛО'Г** *м.* некролог (*каза болгон кишинин өмүр баяны жазылган макала*).

**НЕКРО'ПОЛЬ** *м. ист.* некрополь (*байыркы шаарлардагы чоң көрүстөн*).

**НЕКРУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое ири эмес.

**НЕКСТА'ТИ** *нареч.* 1. (*не вовремя*) жайсыз убакта, жайсыз маалда; **он пришёл совсе́м некста́ти** ал такыр жайсыз маалда келди; 2. (*неуместно*) орду жок, жөнү жок, ыгы жок; **он смея́лся кста́ти и некста́ти** ал ыктуу да, ыгы жок да күлө берди.

**НЕКТА'Р** *м.* нектар (1. *грек мифологиясында — мүрөктүн суусу сыяктуу кудайлардын ичкилиги*; 2. *бот. шире; гүлдүн чыгарган таттуу суусу*).

**НЕ'КТО** *мест. неопр.* 1. бирөө, кимдир; 2. (*в сочетании с именем, фамилией*) деген бирөө; **не́кто Султа́нов** Султанов деген бирөө.

www.bizdin.kg

**НЕ'КУДА** *нареч. с неопр.* ... жер жок; **ему́ не́куда идти́** анын бара турган жери жок; **не́куда положи́ть чемода́н** чемоданды коё турган жер жок.

**НЕКУЛЬТУ'РНО** *нареч.* маданиятсыздык менен, одонолук менен, маданиятсыздык, одонолук; **э́то некульту́рно** бул — маданиятсыздык.

**НЕКУЛЬТУ'РНОСТЬ** *ж.* маданиятсыздык, одонолук.

**НЕКУЛЬТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. маданиятсыз, одоно; 2. *бот.* жапайы, жапан; **некульту́рные расте́ния** жапайы өсүмдүктөр.

**НЕКУРЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее 1. тамеки тартпай (чекпей) турган; 2. *в знач. сущ. м., ж.* тамеки тартпай (чекпей) турган адам, тамеки (чылым) чекпөөчү; **ваго́н для некуря́щих** тамеки чекпөөчүлөр вагону.

**НЕЛА'ДНО** *нареч. разг.* жайында эмес, мандеми бар, оңунда эмес; **у него́ нела́дно с лёгкими** анын өпкөсү оңунда эмес.

**НЕЛА'ДНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* 1. (*неблагополучный*) начар, чатак, болбогон, келишпеген; **у них происхо́дит что́-то нела́дное** тигилерде бир чатак болуп жатат окшойт; 2. (*нескладный*) болбогон; **нела́дный па́рень** болбогон жигит; ◇ **будь он нела́ден!** ай, атаң көрү!, ай, ошо курусун!

**НЕЛАДЫ'** *только мн. разг.* кыжың-кужуң, ыйкы-тыйкы.

**НЕЛА'СКОВО** *нареч.* эркелебестен, эркелебей, эркелетпей, жароокерсиз, мээримсиз, суз; **он нас при́нял нела́сково** ал бизди суз кабыл алды.

**НЕЛА'СКОВЫЙ,** -ая, -ое эркелебеген, жароокерсиз; **нела́сковый ребёнок** эркелебеген бала.

**НЕЛЕГА'ЛЬНО** *нареч.* легалсыз (*закондон тыш жашырын иштелүүчү*).

**НЕЛЕГА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* легалсыздык (*закондон тыш болуп, жашырын иштетилүүчүлүк*).

**НЕЛЕГА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое легалсыз (*закондон тыш болуп, жашырын иштетилүүчү*); **нелега́льная литерату́ра** легалсыз адабият.

**НЕЛЁГКАЯ** *ж. разг.*: **нелёгкая принесла́** кырсык айдап келгендей; **и так не́когда, а тут ещё госте́й нелёгкая принесла́!** ансыз да убакыт болбой жатса, конокторду кырсык айдап келгенин карачы!

**НЕЛЁГКИЙ,** -ая, -ое 1. (*тяжёлый*) жеңил эмес, оор; **нелёгкая но́ша** оор жүк; 2. (*трудный*) оңой эмес, оор, кыйын; **э́то нелёгкая обя́занность** бул оңой милдет эмес.

**НЕЛЕ'ПО** 1. *нареч.* болбогон, сандырак, тантык; 2. *в знач. сказ.* болбогон, сандырак, тантык.

**НЕЛЕ'ПОСТЬ** *ж.* 1. (*бессмысленность*) маанисиздик, сандырактык, тантыктык; 2. (*нелепые слова, поступки*) болбогон нерсе *же* сөз; жарабаган нерсе *же* сөз; **говори́ть неле́пости** болбогон нерселерди сүйлөө.

**НЕЛЕ'ПЫЙ,** -ая, -ое 1. (*бессмысленный*) маанисиз, сандырак, тантык; **неле́пый отве́т** сандырак жооп; 2. (*несуразный*) болбогон, ыксыз, ыгы жок, жарабаган, жарашпаган; **неле́пый вид** жарашпаган кебете.

**НЕЛЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неодобрительный*) жактырбаган, жаратпаган, тескери; **неле́стная реце́нзия** жактырбаган рецензия; **неле́стное мне́ние** жактырбаган ой; 2. (*малоприятный*) болбогон, кадыр кетире турган, жагымсыз.

**НЕЛЁТНЫЙ,** -ая, -ое учууга ылайыксыз, учууга болбой турган; **нелётная пого́да** аба ырайы учууга ылайыксыз.

**НЕЛЕТУ'ЧИЙ,** -ая, -ее *хим.* учпас (*оңойлук менен газга айланбай турган*).

**НЕЛИКВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *фин.*: **неликви́дный фонд** өтпөй турган товар, буюм фондусу.

**НЕЛИ'ШНЕ** *нареч. в знач. сказ. разг.* артык эмес, артык болбос; **нели́шне бы́ло бы ... ...** артык болбос эле; **нели́шне отме́тить** айта кетүү артык болбос.

**НЕЛИ'ШНИЙ,** -яя, -ее керектүү, керек, артык баш эмес.

**НЕЛО'ВКИЙ,** -ая, -ое 1. (*неуклюжий*) олдоксон, чоркок, шамдагай эмес, эби жок, ийкемсиз; **нело́вкий челове́к** олдоксон киши; **нело́вкое движе́ние** олдоксон кыймыл; 2. (*неудобный*) коомай, ыксыз, ыгы жок, тынчы жок; **он сиде́л в нело́вкой по́зе** коомай позада отурду; 3. *перен.* (*неудачный*) чоркок, ыңтайсыз; **нело́вкий посту́пок** ыңтайсыз иштеген иш; 4. (*затруднительный, неприятный*) осол, оңойсуз, ыңтайсыз; **он попа́л в нело́вкое положе́ние** ал бир оңойсуз абалга жолукту.

**НЕЛО'ВКО** 1. *нареч.* (*неуклюже*) олдоксон, оңтойсуз; **он нело́вко спры́гнул с ло́шади** аттын үстүнөн олдоксон секирди; 2. *в знач. сказ. с неопр.* (*неудобно*) оңтойсуз, ыксыз; **нело́вко писа́ть лёжа** жатып жазуу — оңтойсуз; 3. *в знач. сказ. перен.* (*неприятно*) осол, оңойсуз болуу, уялып; **ему́ ста́ло нело́вко** ал осол болуп калды.

**НЕЛО'ВКОСТЬ** *ж.* 1. (*неуклюжесть*) олдоксондук, шамдагай эместик, эби жоктук, ийкемсиздик; 2. (*неловкий поступок*) одонолук, олдоксондук, ыксыздык, чоркоктук; **сде́лать нело́вкость** одонолук кылуу; **он допусти́л ряд нело́вкостей в разгово́ре** сүйлөшүп жатканда ал бир топ олдоксондук жиберди; 3. (*смущение*) оңойсуздук; **почу́вствовать нело́вкость** оңойсуздукту сезүү, оңойсуз болуп турганын сезүү.

**НЕЛОГИ'ЧНОСТЬ** *ж.* логикасыздык, логикасы жоктук; **нелоги́чность вы́вода** корутундунун логикасыздыгы.

**НЕЛОГИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое логикасыз, логикасы жок; **нелоги́чный вы́вод** логикасыз корутунду.

**НЕЛЬЗЯ'** *нареч. в знач. сказ.* 1. (*невозможно*) болбойт, жарабайт, мүмкүн эмес; 2. (*не допускается, воспрещается*) жарабайт, болбойт; **здесь кури́ть нельзя́** бул жерде тамеки тартууга жарабайт; ◇ **нельзя́ ли?** мүмкүнбү?; **нельзя́ ли им помо́чь?** аларга жардам берүүгө болбойбу?; **нельзя́ сказа́ть, что́бы...** ...дешке болбойт; **нельзя́ сказа́ть, что́бы он был прав** аныкы туура дешке болбойт; **как нельзя́** *со сравн. ст. нареч.* эң дурус, эң сонун; **прие́хавшие на рабо́ту устро́ились как нельзя́ лу́чше** жумушка келгендер эң дурус орношту.

**НЕ'ЛЬМА** *ж.* нельма (*түндүк дарыяларда жашоочу жырткыч балыктын бир түрү*).

**НЕЛЮБЕ'ЗНО** *нареч.* жактырбай, кичи бейилдиксиз.

**НЕЛЮБЕ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое кичи бейилдиги жок, кичи бейил эмес, сылык эмес, орой чалыш; **нелюбе́зный челове́к** кичи бейилдиги жок киши; **нелюбе́зный отве́т** орой чалыш жооп; **нелюбе́зный приём** сылык эмес түрдө кабыл алыш.

**НЕЛЮБИ'МЫЙ,** -ая, -ое сүйбөгөн, жактырбаган.

**НЕЛЮБО'ВЬ** *ж.* сүйбөгөндүк, жактырбагандык, жакшы көрбөгөндүк.

**НЕЛЮБОПЫ'ТНЫЙ,** -ая, -ое кулак түрбөгөн, сөз аңдыбаган, кызыкпаган.

**НЕЛЮДИ'М** *м.* кишиден жат, мерез, түнт, киши менен катышпаган, жалгыздыкты жакшы көргөн.

**НЕЛЮДИ'МКА** *женск. р. к* **нелюди́м**.

**НЕЛЮДИ'МОСТЬ** *ж.* кишиден жаттык, мерездик, кишиден качуучулук, түнттүк.

**НЕЛЮДИ'МЫЙ,** -ая, -ое кишиден качма, кишиге жолобогон, түнт.

**НЁМ** *мест. личн. предл. п. от* **он, оно́** (*предлогдордон кийин колдонулат*); **в нём** анын ичинде, анда; **на нём** анын үстүндө, анда; **о нём** ал тууралу; **при нём** анын алдында, жанында, анын көзүнчө.

**НЕМА'ЛО** *нареч.* бир далай, бир топ, толгон, аз эмес.

**НЕМАЛОВА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое анча-мынча эмес, мааниси аз эмес, аз маанилүү эмес, бир кыйла маанилүү; **немалова́жные собы́тия** бир кыйла маанилүү окуялар.

**НЕМА'ЛЫЙ,** -ая, -ое бир далай, бир топ, толуп жаткан, аз эмес; **нема́лые уси́лия** бир топ демилге, бир топ күч жумшоо; **нема́лые де́ньги** бир топ акча.

**НЕМА'РКИЙ,** -ая, -ое кир көтөрүмдүү, кирдебеген, кири билинбеген; **нема́ркая мате́рия** кир көтөрүмдүү кездеме.

www.bizdin.kg

**НЕМЕ'ДЛЕННО** *нареч.* токтоосуз, бат, тез, ылдам.
**НЕМЕ'ДЛЕННЫЙ,** -ая, -ое токтоосуз, бат, тез, ылдам.
**НЕМЕ'ДЛЯ** *нареч. уст. см.* **немéдленно.**
**НЕМЕ'РКНУЩИЙ,** -ая, -ее **1.** өчпөс; **немéркнущий свет** өчпөс жарык; **2.** *перен.* өчпөс, унутулгус; **немéркнущая слáва** өчпөс даңк.
**НЕМЕ'ТЬ** *несов.* **1.** тил байлануу, тилден калуу; **2.** *перен.* (*цепенеть*) камтууга келбей калуу, жансыз болуу (*мис. ушүгөн кол*); **3.** *перен.* селдейүү, катып калуу; **немéть от восторга** кубангандан селдейип калуу.
**НЕ'МЕЦ** *м.* немец.
**НЕМЕ'ЦКИЙ,** -ая, -ое **немец-ке** *т.*; немецтик; **немéцкий язы́к** немец тили.
**НЕМИЛОСЕ'РДНО** *нареч* **1.** *уст.* (*жестоко*) катаал, кара мүртөз; **2.** *разг.* (*чрезмерно*) абдан, эң эле; **полу́денное со́лнце печёт немилосéрдно** түштөгү күн эң эле ысып кетет; **он врёт немилосéрдно** ал калпты аябай койгулатат.
**НЕМИЛОСЕ'РДНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *уст.* катаал, кара мүртөз; **2.** *перен. разг.* аябаган, эң эле, барып турган; **немилосéрдная жарá** аябаган ысык.
**НЕМИ'ЛОСТЬ** *ж.* каарга калуу, касапка калуу; **впасть в немилость** касапка калуу.
**НЕМИ'ЛЫЙ,** -ая, -ое сүйбөгөн, жакшы көрбөгөн, жакпаган, сүйүү өтүшпөгөн.
**НЕМИНУ'ЕМО** *нареч.* болбой койбос, болбой койбогон, сөзсүз боло турган.
**НЕМИНУ'ЕМЫЙ,** -ая, -ое болбой койбос, болбой койбогон, болору күмөнсүз, шексиз, сөзсүз боло турган; **неминýемая ги́бель** болбой койбос бүлгүн (*өлүм, кыйроо*); **побéда сторóнников ми́ра неминýема** тынчтыкты жактоочулар жеңишке сөзсүз жетишет, тынчтыкты жактоочулардын жеңиши шексиз.
**НЕ'МКА** *женск. р. к* **нéмец;** немка.
**НЕМНО'ГИЕ** *только мн.* **1.** *прил.* кайсы бир, бир аз, кээ бир, анча-мынчасы; **в немнóгих стрáнах** бир аз өлкөлөрдө гана; **2.** *в знач. сущ.* кайсы бир, бир аз, кээ бир, анча-мынчасы; **немнóгие вернýлись** анча-мынчасы кайра келди.
**НЕМНО'ГО** **1.** *нареч.* (*несколько, чуть-чуть*) кичине, бир аз; **2.** *нареч. кого-чего* (*мало*) аз, көп эмес; **3.** *в знач. сказ.* аз, көп эмес; **э́то совсéм немнóго** бул такыр көп эмес.
**НЕМНО'ГОЕ** *ср.* бир аз; **немнóгим бóльше** бир аз көбүрөөк; **немнóгое из тогó, что я имéю** мендегинин анча-мынчасы эле; ◇ **за немнóгим дéло стáло** *или* **дéло за немнóгим** кенедей гана нерсе ишти кармап турат.
**НЕМНОГОСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** кыска (*сөз*); **немногослóвный отвéт** кыска жооп; **2.** (*о человеке*) сөзмөр эмес, көп сүйлөбөгөн, аз сүйлөгөн.
**НЕМНОГОЧИ'СЛЕННОСТЬ** *ж.* саны көп эместик, көп эместик, жыш эместик, аздык; **немногочи́сленность подóбных слýчаев** мындай учурлардын көп эместиги.
**НЕМНОГОЧИ'СЛЕННЫЙ,** -ая, -ое саны көп эмес, көп эмес, жыш эмес, аз.
**НЕМНО'ЖЕЧКО** *нареч. см.* **немнóжко.**
**НЕМНО'ЖКО** *нареч. разг.* кичине, бир аз.
**НЕМО'Й,** -áя, -óе **1.** дудук, тилсиз; **2.** *перен.* кулак-мурун кескендей; **немáя тишинá** кулак-мурун кескендей жымжырт; **3.** *в знач. сущ. м., ж.* дудук, тилсиз; ◇ **немáя кáрта** дудук карта (*суу, көл, деңиз ж. б. аты жазылбаган карта*); **немóе кинó** доошсуз (дудук) кино; **нем как ры́ба** *или* **нем как моги́ла** такыр унчукпаган, кенедей үн чыгарбаган, кыңк этпеген.
**НЕМОЛОДО'Й,** -áя, -óе жаш эмес, жашап калган.
**НЕМО'ЛЧНЫЙ,** -ая, -ое *поэт.* жаагы тынбаган, шыбырай берген; **немóлчный гóвор волн** толкундун тынбаган шабыр-шыбыры.
**НЕМОТА'** *ж.* дудуктук, тилсиздик.
**НЕ'МОЧЬ** *ж. прост.* дармансыздык, алсыздык; ◇ **блéдная нéмочь** *мед* аялдардын кан аздыктан болгон оорусу.
**НЕ'МОЩНОСТЬ** *ж.* алсыздык, бечелдик, күчсүздүк, боштук, көпшөктүк.
**НЕ'МОЩНЫЙ,** -ая, -ое алсыз, күчсүз, бош, бейкаруу, начар, араң жан, көпшөк.
**НЕ'МОЩЬ** *ж.* **1.** (*слабость*) алсыздык, бейкаруулук, начардык, араң жандык; **2.** (*болезнь*) күүдөн тауу; **стáрческие нéмощи** карылыктан күүдөн тауу.
**НЕМУ'** *мест. личн. дат. п. от* **он, онó** (*предлогдордон кийин колдонулат*); **я пойдý к немý** мен ага барам; **ты по немý не равня́йся** сен ага теңелбе.
**НЕМУДРЕНО'** *нареч.* **1.** (*ничего удивительного*) анчалык деле таң калардык эмес, боло берет; **2.** (*не слишком трудно*) көп деле кыйын эмес, эң эле оңой.
**НЕМУДРЁНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жөнөкөй, кыйын эмес, жеңил; **немудрёная рабóта** жеңил иш.
**НЕМУДРЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее *см.* **немудрёный.**
**НЕМУЗЫКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое музыкалуу эмес, обондуу эмес, уккулуктуу эмес.
**НЕ'МЦЫ** *мн.* немецтер.
**НЕМЫ'СЛИМЫЙ,** -ая, -ое *разг.* ойго келгис, мүмкүн эмес, кыйын; **немы́слимые услóвия** кыйын шарттар; **немы́слимый факт** ойго келгис факт.
**НЕНАБЛЮДА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая,-ое байкабас, байкабаган.
**НЕНАВИ'ДЕТЬ** *несов. кого-что* жек көрүү, көрө албоо, жаман көрүү.
**НЕНАВИ'СТНИК** *м. разг.* жек көрүүчү, көрө албоочу, жаман көрүүчү, кара санатай, ичи тар.
**НЕНАВИ'СТНИЦА** *женск. р. к* **ненави́стник.**
**НЕНАВИ'СТНИЧЕСТВО** *ср.* жек көрүүчүлүк, кара санатайлык, ичи тардык.
**НЕНАВИ'СТНЫЙ,** -ая, -ое жийиркенткич, жек көрүнүүчү, кыжырды кайнатуучу.
**НЕ'НАВИСТЬ** *ж.* жек көрүүчүлүк, жаман көрүүчүлүк; **питáть нéнависть к** *кому-л.* *бирөөнү* жек көрүү; **вызывáть нéнависть** жек көрүнүү; **из нéнависти** жек көргөндүктөн, жек көргөндүктүн аркасында.
**НЕНАГЛЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* айланайын, кагылайын, сүйгөн, ардактуу; **ненагля́дный ты мой** айланайыным, айланып кетейиним.
**НЕНАДЁВАННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* кийилбеген, кийиле элек (*жаңы кийим*).
**НЕНАДЁЖНОСТЬ** *ж.* **1.** ишенимсиздик, ишенердик эмес; **ненадёжность свéдений** маалыматтын ишенердик эместиги; **2.** (*непрочность*) бек эместик, боштук.
**НЕНАДЁЖНЫЙ,** -ая, -ое **1.** ишенүүгө болбой турган, ишеними жок, ишенердик эмес, ишенимсиз, ишенчсиз; **ненадёжный человéк** ишенүүгө болбогон адам; **2.** (*непрочный*) бек эмес, бош; **ненадёжный мост** бек эмес көпүрө.
**НЕНАДЛЕЖА'ЩИЙ,** -ая, -ее ылайыксыз, ылайыгы жок, жөнү жок, жөнсүз; **поступáть ненадлежáщим óбразом** ылайыксыз иш кылуу.
**НЕНА'ДОБНОСТЬ** *ж.* керексиздик, кереги жоктук.
**НЕНАДО'ЛГО** *нареч.* көпкө чейин эмес, узак эмес, көпкө эмес, бир азга; **уéхать ненадóлго** жакында келе турган болуп кетүү, бир аз убакытка кетүү.
**НЕНАКАЗУ'ЕМОСТЬ** *ж. юр.* жазаланбастык, жазага тартылбастык.
**НЕНАКАЗУ'ЕМЫЙ,** -ая, -ое *юр.* жазаланбас, жазага тартылбас, жазаланбай турган.
**НЕНАМЕ'РЕННО** *нареч.* кастан эмес, атайы эмес.
**НЕНАМЕ'РЕННЫЙ,** -ая, -ое кастан эмес, атайы эмес.
**НЕНАПАДЕ'НИЕ** *ср.* кол салышпоо, кол салбоо; **пакт о ненападéнии мéжду двумя́ государствами** кол салышпоо жөнүндө эки мамлекет арасында түзүлгөн пакт (келишим).
**НЕНАРО'КОМ** *нареч. разг.* кокус, кокустан, анчейин; **зайти́ ненарóком кудá-нибудь** бир жерге кокус кире калуу, бир жерге кире кетүү.

www.bizdin.kg

**НЕОБЩИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* түнттүк, киши менен байланышпагандык.

**НЕОБЩИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое түнт, киши менен байланышпаган; **необщи́тельный челове́к** түнт киши; **необщи́тельный хара́ктер** түнт мүнөз.

**НЕОБЪЕ'ЗЖЕННЫЙ**, -ая, -ое (*о лошади*) үйрөтүлбөгөн, арабага чегилбеген, минилбеген, асоо.

**НЕОБЪЯСНИ'МЫЙ**, -ая, -ое түшүндүрүлгүс, түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон.

**НЕОБЪЯ'ТНОСТЬ** *ж.* чексиздик, учу-кыйыры жоктук, учу-кыйырына көз жетпегендик, өтө кеңирилик.

**НЕОБЪЯ'ТНЫЙ**, -ая, -ое чексиз, учу-кыйыры жок, учу-кыйырына көз жеткис (*өтө кең, абдан чоң*); **необъя́тная страна́** учу-кыйырына көз жеткис өлкө; **необъя́тные тру́дности** *перен.* абдан чоң кыйындыктар.

**НЕОБЫКНОВЕ'ННО** *нареч.* укмуштуу, таң калардык; **необыкнове́нно тала́нтливый челове́к** укмуштуу таланты бар адам.

**НЕОБЫКНОВЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое кадыресе эмес, турмушта болуп көрбөгөн, укмуштуу, таң калардык; **необыкнове́нный слу́чай** адатта болуп көрбөгөн окуя; **необыкнове́нный успе́х** таң калардык ийгилик.

**НЕОБЫЧА'ЙНО** *нареч.* адаттан тыш, укмуштуу, таң калардык, турмушта болбой турган.

**НЕОБЫЧА'ЙНОСТЬ** *ж.* адаттан тышкарылык, укмуштуулук, таң калардык; кулак угуп, көз көрбөгөндүк; турмушта болуп көрбөгөндүк.

**НЕОБЫЧА'ЙНЫЙ**, -ая, -ое укмуштуу, таң калардык; кулак угуп, көз көрбөгөн; турмушта болуп көрбөгөн; **необыча́йное явле́ние** укмуштуу кубулуш.

**НЕОБЫ'ЧНОСТЬ** *ж.* кадимкидей эместик, башкачалык, чектен тыш, турмушта болуп көрбөгөндүк.

**НЕОБЫ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое кадимки эмес, башкача, адаттан тыш; **в необы́чное вре́мя** бей убак, убакытсыз, убакытсыз учурда, беймаал.

**НЕОБЯЗА'ТЕЛЬНО** *в знач. сказ.* милдеттүү эмес.

**НЕОБЯЗА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое милдеттүү эмес.

**НЕОГРАНИ'ЧЕННОСТЬ** *ж.* чектелбегендик, чек коюлбагандык, чексиздик.

**НЕОГРАНИ'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое чектелбеген, чек коюлбаган, чексиз; **неограни́ченные полномо́чия** чексиз полномочиелер; **неограни́ченная пряма́я** *мат.* чектелбеген түз сызык.

**НЕОДЕ'ТЫЙ**, -ая, -ое кийимсиз, жылаңач, кийинбеген.

**НЕОДИНА'КОВЫЙ**, -ая, -ое бирдей эмес, тең эмес.

**НЕОДНОКРА'ТНО** *нареч.* бир нече ирет, алда нече жолу, кайта-кайта, улам-улам.

**НЕОДНОКРА'ТНЫЙ**, -ая, -ое кайталаган, бир нече ирет, бир нече жолу, кайта-кайта, улам-улам.

**НЕОДНОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое бирдей эмес, турпатташ эмес, түрдүү, ар кыл, бир тектүү эмес; **неодноро́дная смесь** ар кыл аралашма; **неодноро́дные явле́ния** бирдей эмес кубулуштар.

**НЕОДОБРЕ'НИЕ** *ср.* жактырбоо, макулдабоо.

**НЕОДОБРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жактырбаган, макулдабаган; **неодобри́тельный взгляд** жактырбаган көз караш.

**НЕОДОЛИ'МО** *нареч.* жеңилбей, моюн бербей, баары бир жеңип чыга турган болуп.

**НЕОДОЛИ'МЫЙ**, -ая, -ое жеңилбей турган, моюн бербей турган, жеңип чыга турган; **неодоли́мое чу́вство любви́** эң күчтүү сүйүү сезими.

**НЕОДУШЕВЛЁННОСТЬ** *ж.* жансыздык.

**НЕОДУШЕВЛЁННЫЙ**, -ая, -ое жансыз.

**НЕОЖИ'ДАННО** *нареч.* күтпөгөн жерден, кокустан, кокусунан, байкоосуздан; **неожи́данно яви́ться** күтпөгөн жерден келип калуу.

**НЕОЖИ'ДАННОСТЬ** *ж.* күтпөгөн жерден болгондук, күтүлбөгөндүк, кокустук; **э́то бы́ло для нас неожи́данностью** биз үчүн бул күтпөгөн иш болчу; **по́лная неожи́данность** таптакыр күтпөгөндүк.

**НЕОЖИ'ДАННЫЙ**, -ая, -ое күтүлбөгөн, кокустан болгон, кокустан, капысынан; **неожи́данный прие́зд** капысынан келүү; **неожи́данный отве́т** күтпөгөн жооп.

**НЕОКОНЧА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое биротоло эмес, такыр бүткөнгө эсептелбеген, бүтпөгөн.

**НЕОКО'НЧЕННЫЙ**, -ая, -ое бүтпөгөн, бүтө элек, аякталбаган.

**НЕОЛИ'Т** *м. археол.* неолит (*металл куралдар чыгардан мурунку таш доорунун акыркы кези*).

**НЕОЛИТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **неолит**-*ке т.*; **неолити́ческая эпо́ха** неолит доору.

**НЕОЛОГИ'ЗМ** *м. лингв.* неологизм (*тилдеги жаңыдан пайда болгон сөз же жаңы мааниге ээ болгон эски сөз*).

**НЕО'Н** *м. хим.* неон (*химиялык элемент*).

**НЕО'НОВЫЙ**, -ая, -ое **неон**-*го т.*; **нео́новая ла́мпа** неон лампасы.

**НЕОПА'СНЫЙ**, -ая, -ое коркунучсуз, коркунучтуу эмес, кооптуу эмес.

**НЕОПЕРИ'ВШИЙСЯ**, -аяся, -ееся **1.** ак күп, темене канат боло элек (*балапан*); **2.** *перен.* жетилбеген, жетиле элек, чырымтал жүнү түшө элек.

**НЕОПИСУ'ЕМЫЙ**, -ая, -ое сүрөттөп жазып толук берүүгө болбогон, сыпаттап бүткүс; **неописуемый восто́рг** абдан чоң кубаныч.

**НЕОПЛА'ТНЫЙ**, -ая, -ое **1.** төлөп кутулуу мүмкүн болбогон, абдан чоң карыз, кутулбас карыз; **неопла́тный долг** төлөп кутулуу мүмкүн болбогон карыз; **2.** бирөөгө чоң карыздар болуу *же* чоң милдеттүү болуу; **я ваш неопла́тный должни́к** мен сиздин кутулгус карыздарыңыз болсмун.

**НЕОПЛА'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое төлөнбөгөн, акысы берилбеген.

**НЕОПО'ЗНАННЫЙ**, -ая, -ое таанылa элек, билине элек.

**НЕОПОРО'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое булганбаган, жаман аты чыкпаган, жаманаттуу болбогон.

**НЕОПРА'ВДАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*необоснованный*) негизсиз, негизи жок; **неопра́вданный вы́вод** негизделбеген корутунду; **2.** (*нецелесообразный*) акталбаган, орду басылбаган, жөнү жок; **неопра́вданные расхо́ды** орду басылбаган расходдор (чыгымдар).

**НЕОПРЕДЕЛЁННОСТЬ** *ж.* **1.** (*неизвестность*) белгисиздик, ачык эместик, дайынсыздык; **неопределённость отве́та** жооптун ачык эместиги; **неопределённость усло́вий** шарттын ачык эместиги; **2.** (*неясность*) ачык эместик; күңүрттүк; **неопределённость окра́ски** түстүн ачык эместиги; ◇ **оста́вить в по́лной неопределённости** же ары эмес, же бери эмес, орто-заар кылып таштап коюу.

**НЕОПРЕДЕЛЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*точно не установленный*) белгисиз, белгилүү эмес; **неопределённое вре́мя** белгисиз убакыт; **неопределённые усло́вия** белгисиз шарттар; **2.** (*неясный*) ачык эмес, күңүрт; **неопределённый цвет** күңүрт түс; **неопределённый отве́т** ачык эмес жооп; **3.** *грам.* жаксыз; **неопределённое местоиме́ние** күдүк ат атооч; **неопределённое наклоне́ние** *или* **неопределённая фо́рма глаго́ла** этиштин жаксыз формасы.

**НЕОПРЕДЕЛИ'МЫЙ**, -ая, -ое ажыратылгыс, ажыратылышы кыйын, белгилениши кыйын (*мис. түс*).

**НЕОПРОВЕРЖИ'МОСТЬ** *ж.* калпка чыккыстык, жалганга чыгарылгыстык, төгүндөлбөстүк.

**НЕОПРОВЕРЖИ'МЫЙ**, -ая, -ое калпка чыккыс, танылгыс, жалганга чыккыс, төгүндөлбөс; **неопровержи́мые доказа́тельства** төгүнгө чыгарылгыс далилдер.

**НЕОПРЯ'ТНОСТЬ** *ж.* булганычтык, таза эместик, ыпыластык, кирдүүлүк.

**НЕОПРЯ'ТНЫЙ**, -ая, -ое булганыч, кир, таза эмес, ыпылас, шалакы, салбыраган, сөлбүрөгөн; **неопря́тный**

www.bizdin.kg

**челове́к** шалакы киши; **неопря́тный вид** таза эмес кебете; **неопря́тное пла́тье** кир көйнөк.

**НЕОПУБЛИКО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое жарыяланбаган, жарыя кылына элек, басылып чыга элек, элге айтыла элек; **неопублико́ванные материа́лы** жарыяланбаган материалдар.

**НЕО'ПЫТНОСТЬ** *ж.* тажрыйбасыздык, дасыбагандык, дагдалбагандык, такшалбагандык; **он допусти́л оши́бку по нео́пытности** ал тажрыйбасыздыгынан жаңылыштык жиберди.

**НЕО'ПЫТНЫЙ,** -ая, -ое тажрыйбасыз, тажрыйбасы жок, дасыбаган, дагдалбаган, такшалбаган; **нео́пытный рабо́тник** дагдалбаган кызматчы.

**НЕОРГАНИЗО'ВАННО** *нареч.* уюшпаган түрдө, чаржайыт, башсыз, тартипсиз.

**НЕОРГАНИЗО'ВАННОСТЬ** *ж.* уюштурулбагандык, уюшулбагандык, чаржайыттык, башсыздык, тартипсиздик.

**НЕОРГАНИЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. уюмдан тышкары, уюмда жок, уюшпаган; **неорганизо́ванное населе́ние** уюшпаган эл; 2. башсыз, тартипсиз, уюшпаган, ээн баш; **неорганизо́ванное выступле́ние** тартипсиз, ээн баш чыгуу.

**НЕОРГАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое органикалык эмес (*туулуу, өрчүү жана өлүүгө ийкеми жок*); **неоргани́ческая приро́да** органикалык эмес табият (*мис. таш, металл*); **неоргани́ческая хи́мия** органикалык эмес химия (*жансыз табиятты изилдөөчү химия*).

**НЕОСВЕДОМЛЁННОСТЬ** *ж.* кабардар эместик, кабары жоктук, маалыматы жоктук, бейкабардык.

**НЕОСВЕДОМЛЁННЫЙ,** -ая, -ое билбеген, кабардар эмес, кабары жок, маалыматы жок, бейкабар.

**НЕОСВЕЩЁННЫЙ,** -ая, -ое жарык кылынбаган.

**НЕОСВОБОЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое бошотулбаган, бошотуп алынбаган.

**НЕОСЕ'ДЛЫЙ,** -ая, -ое отурук эмес, көчмөн.

**НЕОСЛА'БНО** *нареч.* бошоңдотпой, дайыма; **неосла́бно боро́ться за мир во всём ми́ре** бүткүл дүйнөдө тынчтык үчүн бошоңдотпостон күрөш жүргүзүү.

**НЕОСЛА'БНЫЙ,** -ая, -ое бошоңдобогон, зор көңүл коюлган; **слу́шать с неосла́бным внима́нием** зор көңүл коюп угуу; **неосла́бный контро́ль** үзгүлтүксүз контроль.

**НЕОСМОТРИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* абайлабастан, байкабастан, байкоосуздан; **поступи́ть неосмотри́тельно** абайлабастан иш иштөө.

**НЕОСМОТРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* абайлабагандык, абайлабастык, абайсыздык, байкабастык.

**НЕОСМОТРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое абайлабаган, байкабаган, аяр эмес, аяр кылбаган; **неосмотри́тельный посту́пок** аяр кылбай иштелген иш; **неосмотри́тельный челове́к** аркы-беркини абайлабаган киши.

**НЕОСНОВА'ТЕЛЬНО** *нареч.* негизсиз, негизи жок, жөнсүз, жөнү жок.

**НЕОСНОВА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* негизсиздик, негизи жоктук, жөнү жоктук.

**НЕОСНОВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. далилсиз, негизсиз, негизи жок; **неоснова́тельное заключе́ние** негизсиз корутунду; **неоснова́тельные до́воды** негизсиз далилдер; 2. *разг.* (*несерьёзный*) тайкы, чалагайым; **неоснова́тельный челове́к** чалагайым киши.

**НЕОСПОРИ'МЫЙ,** -ая, -ое талашсыз; **неоспори́мый факт** талашсыз факт.

**НЕОСТОРО'ЖНО** *нареч.* байкабай, байкоосуз; **поступи́ть неосторо́жно** байкабай иштөө, байкабастык кылуу.

**НЕОСТОРО'ЖНОСТЬ** *ж.* 1. кылдатсыздык, кылдат эместик, олдоксондук; **неосторо́жность обраще́ния с инструме́нтами** жабдыктарды урунгандагы олдоксондук; 2. (*неосторожный поступок*) сак эместик, чебер эместик, байкабастык; **он допустил неосторо́жность** ал байкабастык кылды.

**НЕОСТОРО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое (*не остерегающийся*) сак эмес, байкабаган, байкоосуз иш кылган; кылдат эмес (*небрежный*), чебер эмес (*неумелый*); **неосторо́жный челове́к** байкабаган киши; **неосторо́жный разгово́р** байкабай сүйлөшүү; **неосторо́жное заявле́ние** байкабай айта салган сөз; **неосторо́жное выраже́ние** байкабай айткан сөз; **неосторо́жное движе́ние** абайсыз кыймыл.

**НЕОСУЩЕСТВИ'МОСТЬ** *ж.* ишке ашпастык, иш жүзүнө ашпастык.

**НЕОСУЩЕСТВИ'МЫЙ,** -ая, -ое иш жүзүнө ашпас, ишке ашпас.

**НЕОСЯЗА'ЕМОСТЬ** *ж.* 1. сезилбестик, сезүү мүчөлөрү аркылуу билинбестик; 2. *перен.* сезилбестик, билинбестик (*эң эле кичинелик, эң эле аздык*).

**НЕОСЯЗА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. сезилбес, сезүү мүчөлөрү аркылуу билинбес; 2. *перен.* (*незаметный*) сезилбес, билинбес, сезилбеген, билинбеген (*эң эле кичине, эң эле аз*); **неосяза́емый результа́т** сезилбеген натыйжа.

**НЕОТВРАТИ'МО** *нареч.* болбой койбойт, кутула албайт.

**НЕОТВРАТИ'МОСТЬ** *ж.* болбой койбостук, сөзсүз боло тургандык.

**НЕОТВРАТИ'МЫЙ,** -ая, -ое болбой койбос, сөзсүз боло турган.

**НЕОТВЯ'ЗНО** *нареч.* ойдон кетпей, ойдон чыкпай, ажырабай, дайыма, ар качан; **его́ неотвя́зно пресле́дуют сомне́ния** ал шектенгенден шектене берет.

**НЕОТВЯ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое ойдон кетпес, ойдон чыкпас, кутулгус, ажырагыс, дайыма, көңүлдөн кетпес; **неотвя́зные мы́сли** көңүлдөн кетпес ойлор; **неотвя́зные воспомина́ния** болгон бир нерсенин дайыма эске түшө бериши.

**НЕОТВЯ'ЗЧИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* кубаласа да кетпеген, акидей асылган, жабышкан, жадаткыч, асылып кетпеген; **неотвя́зчивый кома́р** жадаткыч чиркей; **како́й он неотвя́зчивый!** ал бир акидей асылган неме!

**НЕОТДЕЛИ'МОСТЬ** *ж.* ажыралбастык, ажыратылбастык, бөлүнбестүк.

**НЕОТДЕЛИ'МЫЙ,** -ая, -ое ажыралбас, ажыратылбас, бөлүнбөс; **одно́ неотдели́мо от друго́го** бири-биринен ажырабайт, бири-биринен ажырагыс.

**НЕОТЁСАННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* одоно, жышылбаган, копол, топос; **неотёсанный па́рень** копол жигит.

**НЕОТЗЫ'ВЧИВОСТЬ** *ж.* ырайымсыздык, мээримсиздик, көңүлчөөк эместик.

**НЕОТЗЫ'ВЧИВЫЙ,** -ая, -ое ырайымсыз, мээримсиз, көңүлчөөк эмес.

**НЕ'ОТКУДА** *нареч.* 1. эч кайдан, эч жерден; 2. *разг.* (*нет оснований*) себеп жок, таяныч жок; **не́откуда ему́ быть о́пытным** анын тажрыйбалуу болушуна эч кандай себеп жок.

**НЕОТЛО'ЖНОСТЬ** *ж.* кийинкиге калтырылбастык, кечиктирилүүгө мүмкүн эместик, шашылыштык.

**НЕОТЛО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое калтырылбас, кечиктирилбес, шашылыш; **неотло́жная по́мощь** шашылыш жардам; **неотло́жное де́ло** калтырылбас иш; **неотло́жная зада́ча** кечиктирилбес милдет.

**НЕОТЛУ'ЧНО** *нареч.* жанынан кетпестен, кенедей ажырабастан (*мис. кайтаруу*); **неотлу́чно быть при больно́м** оору кишинин жанынан кетпей туруу.

**НЕОТЛУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое жандан ажырагыс, жандан кетпес; **неотлу́чный спу́тник** жандан кетпес жолдош; **неотлу́чное дежу́рство** жанынан кетпей турган кайтаруу, такай турган дежурство.

**НЕОТРАЗИ'МОСТЬ** *ж.* 1. калпка чыгарылгыстык, калпка чыгаруу мүмкүн эместик; **неотрази́мость до́водов** далилдердин калпка чыгарылгыстыгы, далилдердин калпка чыгаруу мүмкүн эместиги; 2. (*обаятельность*) эң таасирдүүлүк, өзүнө тартып багынтуучулук.

www.bizdin.kg

**НЕОТРАЗИ'МЫЙ,** -ая, -ое 1. мизи кайтарылгыс, деси кайтарылгыс; **неотразимый натиск** мизи кайтарылгыс чабуул; 2. калпка чыгарылгыс, калпка чыгаруу мүмкүн эмес, танууга мүмкүн болбогон; **неотразимые аргументы** танууга мүмкүн болбогон далилдер; 3. (*обаятельный*) эң таасирдүү, жагымдуу, эң күчтүү; **неотразимый голос** өтө жагымдуу үн; **неотразимое впечатление** эң күчтүү таасир.

**НЕОТРЫ'ВНО** *нареч.* баш көтөрбөстөн, тынбастан, көз айырбастан, такыр ажырабастан; **неотрывно смотреть** *на что-л. бир нерседен* көз айырбай кароо.

**НЕОТРЫ'ВНЫЙ,** -ая, -ое баш көтөрбөй, тынбай; **неотрывное чтение** баш көтөрбөй окуу.

**НЕОТСТУ'ПНО** *нареч.* тынбастан, тынымсыз; **неотступно думать** тынымсыз ойлоо.

**НЕОТСТУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое жанды койбогон, жабыша берген, тынымсыз, көкөйдөн кетпеген; **неотступные мысли** көкөйдөн кетпеген ой.

**НЕОТЧЁТЛИВО** *нареч.* даана эмес, ачык эмес; **неотчётливо писать** ачык жазбоо.

**НЕОТЧЁТЛИВОСТЬ** *ж.* даана эместик, ачык эместик, так эместик (*мис. жазуунун, сүйлөөнүн*).

**НЕОТЧЁТЛИВЫЙ,** -ая, -ое даана эмес, ачык эмес, так эмес (*мис. жазуу, сүйлөө*); **неотчётливый почерк** даана эмес почерк; **неотчётливое произношение** сөздү так, даана айтпоо.

**НЕОТЧУЖДА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое *юр.* ажыратылбас; **неотчуждаемое имущество** ажыратылбас мүлк (*жеке мүлк жөнүндө — өкмөт же бир коомдук уюмдун пайдасына жеке мүлктүн ажыратылып алынбастыгы*).

**НЕОТЪЕ'МЛЕМЫЙ,** -ая, -ое тартып алынбас, бөлүнгүс, ажырагыс; **неотъемлемое право** тартып алынбас укук; **неотъемлемая часть целого** бүтүндүн ажыратылгыс бөлүгү.

**НЕОФИ'Т** *м.* неофит (1. *бир динге жаңыдан кирген киши*; 2. *перен. бир окуунун жаңы тарапташы*).

**НЕОФИЦИА'ЛЬНО** *нареч.* официалдуу эмес түрдө; **неофициально заявить** официалдуу эмес түрдө билдирүү.

**НЕОФИЦИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое официалдуу эмес, официалдуу түрдө эмес.

**НЕОХО'ТА** *ж.* 1. (*нежелание*) ыгысы келбөө, моюн жар бербөө, каалабоо, көңүл келбөө, кыйылуу; **с неохотой** моюн жар бербей; **пойти с неохотой** көңүл келбей баруу; **согласиться с неохотой** каалабай макул болуу; 2. *в знач. сказ. кому с неопр., разг.*: **неохота мне сейчас петь** азыр менин ырдагым келбей турат; **неохота мне с ним говорить** аны менен сүйлөшкүм келбейт.

**НЕОХО'ТНО** *нареч.* көңүлү келбей, көңүлдөнбөстөн, кыйылып.

**НЕОЦЕНИ'МОСТЬ** *ж.* бааланбастык, баа жеткистик, өтө кымбаттык.

**НЕОЦЕНИ'МЫЙ,** -ая, -ое бааланбас, баа жетпес, кымбаттуу.

**НЕОЩУТИ'МЫЙ,** -ая, -ое эң эле кичине, эң эле аз, билинбеген, сезилбеген, билинер-билинбес.

**НЕОЩУТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **неощутимый.**

**НЕПАРНОКОПЫ'ТНЫЕ** *мн.* (*ед.* **непарнокопытное** *ср.*) *зоол.* ача туяк эместер, ай туяктар (*мис. жылкы, эшек ж. б.*).

**НЕПА'РНЫЙ,** -ая, -ое жубу жок, түгөй эмес, эки башка (*мис. көлөч*).

**НЕПАРТИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*не состоящий в партии*) партияда жок; 2. (*несовместимый со званием члена КПСС*) партияга ылайыксыз, партиянын жолуна туура келбеген.

**НЕПЕРЕВОДИ'МЫЙ,** -ая, -ое которулбас (*башка бир тилге так которулбай турган, так которулушу мүмкүн болбогон*).

**НЕПЕРЕДАВА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое айтып бере алгыс, айтса түгөнгүс; **непередаваемое впечатление** айтып бере алгыс таасир.

**НЕПЕРЕХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое: **непереходные глаголы** *грам.* аракет башкага өтпөс этиштер (*өзүнөн кийин тике толуктооч кабыл кылбаган этиш сөз*; *мис.* **стоять** туруу, **сидеть** отуруу, **лежать** жатуу *ж. б.*).

**НЕПЕЧА'ТНЫЙ,** -ая, -ое басма жүзүндө жана кең түрдө колдонулбаган; одоно, уят (*сөз*).

**НЕПИ'САНЫЙ,** -ая, -ое жазылбаган (*закон жүзүндө жазылбаса да, сөзсүз колдонула турган*); **по неписаным законам** жазылбаган закон боюнча.

**НЕПИТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жугумсуз, азыктыгы жок (*тамак*).

**НЕПЛА'ВКИЙ,** -ая, -ое *тех.* эрибес; **неплавкие металлы** эрибес металлдар.

**НЕПЛАТЁЖ** *м.* төлөбөгөндүк (*карызды мөөнөтүндө төлөбөө*).

**НЕПЛАТЁЖЕСПОСО'БНОСТЬ** *ж. юр.* төлөөгө кудуретсиздик, төлөөгө күчү жетпегендик, төлөөгө жөндөмсүздүк.

**НЕПЛАТЁЖЕСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* төлөөгө кудуретсиз, төлөөгө жөндөмсүз, төлөөгө жөндөмү жок, төлөөгө күчү жетпеген.

**НЕПЛАТЕ'ЛЬЩИК** *м.* төлөбөөчү (*төлөнүүчү акыларды өз убагында төлөөдөн баш тарткан киши*); **злостный неплательщик** касакана төлөбөй койгон адам.

**НЕПЛОДОРО'ДНОСТЬ** *ж.* күр эместик, семиз эместик, арыктык, түшүм бербегендик (*жер жөнүндө*).

**НЕПЛОДОРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое күр эмес, семиз эмес, арык, түшүм бербеген (*жер*).

**НЕПЛОДОТВО'РНОСТЬ** *ж.* жемишсиздик, жемиш бербегендик, натыйжасыздык.

**НЕПЛОДОТВО'РНЫЙ,** -ая, -ое жемишсиз, жемиш бербеген, натыйжасыз; **неплодотворная затрата времени** убакытты натыйжасыз өткөрүү.

**НЕПЛО'ТНО** *нареч.* тыгыз эмес; **дверь закрыта неплотно** эшик тыгыз жабылган эмес.

**НЕПЛО'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. тыгыз эмес, ажыракай; **неплотная материя** ажыракай, алжырак кездеме; 2. көпшөк.

**НЕПЛО'ХО** *нареч.* жаман эмес.

**НЕПЛОХО'Й,** -ая, -ое жаман эмес, дурус.

**НЕПОБЕДИ'МОСТЬ** *ж.* жеңилбестик, жеңилбегендик.

**НЕПОБЕДИ'МЫЙ,** -ая, -ое 1. жеңилбес, жеңилбеген; 2. *перен.* (*непреодолимый*) күчтүү, ойго койбогон; **непобедимое желание** күчтүү тилек.

**НЕПОВА'ДНО** *безл. в знач. сказ. кому, разг.* ыңгайсыз, жайсыз, экинчи жологус, баш бакпас, кийлигишпес, киришпес кылуу; **чтоб неповадно было** экинчи жологус болсун үчүн.

**НЕПОВИ'ННЫЙ,** -ая, -ое жазыгы жок, айыпсыз, айыбы жок, күнөөсүз, күнөөсү жок.

**НЕПОВИНОВЕ'НИЕ** *ср.* моюн сунбоо, бой сунбоо, баш ийбөө.

**НЕПОВОРО'ТЛИВОСТЬ** *ж.* 1. (*неловкость*) топостук, олдоксондук, эпсиздик; 2. *перен.* (*вялость*) кашаңдык.

**НЕПОВОРО'ТЛИВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неловкий*) топос, олдоксон, эпсиз; 2. *перен.* (*вялый, туго соображающий*) кашаң, ийкемсиз, ийкеми жок; **неповоротливый ум** ийкеми жок акыл.

**НЕПОВТОРИ'МЫЙ,** -ая, -ое бирден-бир, сейрек учуроочу, кайталанбас; **неповторимый случай** кайталанбас окуя; **неповторимое своеобразие** сейрек учуроочу өзгөчөлүк.

**НЕПОГО'ДА** *ж.* жаан-чачындуу күн.

**НЕПОГРЕШИ'МОСТЬ** *ж.* 1. жаңылбастык, жаңылышпастык, каталашпастык; 2. (*безусловность, правильность*) жаңылышсыздык, акыйкаттык.

www.bizdin.kg

**НЕПОГРЕШИ'МЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*никогда не ошибающийся*) жаңылбас, жаңылышпас, каталашпас; **2.** (*безусловный, правильный*) жаңылышсыз, акыйкат, туура, катасыз; **непогреши́мый вы́вод** катасыз корутунду.

**НЕПОДАЛЁКУ** *нареч. разг.* жакын жерде, алыс эмес, ыраак эмес; **неподалёку от до́ма** үйгө жакын жерде; **он живёт** неподалёку ал жакын эле жерде турат.

**НЕПОДА'ТЛИВОСТЬ** *ж.* **1.** (*упорство*) моюн бербегендик, ыкка көнбөгөндүк; **2.** *разг.* (*напр. материала*) ыкка көнбөгөндүк, иштетүүсү кыйындык.

**НЕПОДА'ТЛИВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*упорный*) моюн бербеген, ыкка көнбөгөн, көшөрмө; **пода́тливый челове́к** ыкка көнбөгөн адам; **2.** *разг.* (*трудно обрабатываемый*) иштетүүсү кыйын; **непода́тливый материа́л** иштетүүсү кыйын материал.

**НЕПОДВЕ'ДОМСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое *офиц.* ошол ведомствого багынбаган, кароосунда болбогон.

**НЕПОДВИ'ЖНО** *нареч.* кыймылдабай, былк этпей; **лежа́ть неподви́жно** былк этпей жатуу.

**НЕПОДВИ'ЖНОСТЬ** *ж.* **1.** кыймылдабастык, былк этпестик, кебелбестик, ордунан козголбогондук; **2.** тоң моюндук, кашаңдык, топостук.

**НЕПОДВИ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **1.** кыймылсыз, жылбаган, козголбогон, ордунан жылбаган; **каза́ться неподви́жным** козголбогон сыяктанып көрүнүү; **неподви́жные звёзды** *астр.* козголбогон жылдыздар; **2.** *перен.* (*о человеке*) какаарабаган, былк этип койбогон, тоң моюн, топос; **3.** *перен.* (*застывший*) мелтиреп калган, катып калган, кыймылсыз; **неподви́жный взгляд** мелтиреп калган көз карааш; **неподви́жное лицо́** кыймылсыз бет.

**НЕПОДДЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* **1.** (*подлинность*) чыныгылык, жасалма эместик; **2.** *перен.* (*искренность*) жасалма эместик, анткор эместик.

**НЕПОДДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*подлинный*) чыныгы, жасалма эмес; **2.** *перен.* (*искренний*) жасалма эмес, анткор эмес; **неподде́льная ра́дость** чыныгы кубаныч.

**НЕПОДКУ'ПНОСТЬ** *ж.* сатылбастык, тууралык (*мис. пара жебестик*).

**НЕПОДКУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое сатылбас, туура (*мис. пара жебес*).

**НЕПОДОБА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее жарабаган, ылайыксыз, болбогон; **неподоба́ющим о́бразом** ылайыксыз түрдө, ылайыгы жок түрдө.

**НЕПОДРАЖА'ЕМО** *нареч.* теңдеши жок, абдан сонун, эң укмуштуу.

**НЕПОДРАЖА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое теңдеши жок, абдан сонун, эң укмуштуу.

**НЕПОДСУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* сотко берүүгө ылайыктуу эмес, сотко берүүгө тиешеси жок; **э́то де́ло неподсу́дно гражда́нскому суду́** бул ишти кароого граждандык соттун тиешеси жок.

**НЕПОДХОДЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее туура келбеген, жараксыз, ылайыксыз; **неподходя́щая компа́ния** ылайыксыз компания, туура келбей турган компания; **неподходя́щий кли́мат** ылайыксыз климат, жагымсыз климат; **неподходя́щие усло́вия** ылайыксыз шарттар.

**НЕПОДЧИНЕ'НИЕ** *ср.* багынбоо, моюн сунбоо, баш ийбөө.

**НЕПОЗВОЛИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* орой, одоно, ылайыксыз; **непозволи́тельно вести́ себя́** өзүн өзү орой алып жүрүү.

**НЕПОЗВОЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое орой, одоно, ылайыксыз; **непозволи́тельный посту́пок** ылайыксыз иш кылуу.

**НЕПОЗНАВА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое *филос.* билип болбос, билип болбой турган, билүүгө мүмкүн болбогон; **в ми́ре нет ничего́ непознава́емого** дүйнөдө билүүгө мүмкүн болбогон эч нерсе жок.

**НЕПОКОЛЕБИ'МО** *нареч.* калкылдабай, туруктуу, тайсалбай, кебелбей; **непоколеби́мо стоя́ть на стра́же ми́ра** тынчтыкты сактоодо тайсалбай бекем туруу.

**НЕПОКОЛЕБИ'МОСТЬ** *ж.* калкылдабастык, тайсалбастык, туруктуулук, кажыбастык, кебелбестик, бекемдик.

**НЕПОКОЛЕБИ'МЫЙ,** -ая, -ое калкылдабас, тайсалбас, туруктуу, кажыбас, кебелбес, бекем; **непоколеби́мая ве́ра** туруктуу ишеним.

**НЕПОКОРЁННЫЙ,** -ая, -ое багынбаган, моюн сунбаган, баш ийбеген.

**НЕПОКО'РНОСТЬ** *ж.* багынбастык, моюн сунбастык, бой сунбастык, баш ийбестик.

**НЕПОКО'РНЫЙ,** -ая, -ое багынбаган, багынбас, моюн сунбас, бой сунбас; **непоко́рный хара́ктер** багынбас мүнөз.

**НЕПОКРЫ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*незакрытый*) оозу жабылбаган (*мис. кумура*); **2.** (*без кровли*) үстү жабылбаган (*мис. үй*); **3.** (*без шапки*) жылаңбаш; **с непокры́той голово́й** жылаңбаш.

**НЕПОЛА'ДКИ** *мн.* (*ед.* **непола́дка** *ж.*) кемчиликтер, бузуктар; **непола́дки в маши́не** машинадагы бузуктар; **организацио́нные непола́дки** уюштуруу кемчиликтери.

**НЕПОЛНОПРА'ВНЫЙ,** -ая, -ое толук укугу жок, кем укуктуу.

**НЕПОЛНОТА'** *ж.* толук эместик, түгөл эместик.

**НЕПОЛНОЦЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое толук баалуу эмес, кем баалуу, сапаты начар.

**НЕПО'ЛНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*не совсем наполненный*) толтура эмес, бөксө, түгөл эмес; **непо́лная корзи́на** бөксө корзина; **2.** толук эмес; **непо́лный сбор** толук эмес жыйым, кем жыйым; **непо́лный вес** толук эмес салмак; **непо́лный рабо́чий день** толук эмес жумуш күнү; **непо́лный курс** толук эмес курс, бүтпөгөн курс; **непо́лная сре́дняя шко́ла** толук эмес орто мектеп; **3.** *разг.* (*нетолстый*) семиз эмес; ◇ **непо́лное квадра́тное уравне́ние** *мат.* толук эмес квадраттык теңдеме.

**НЕПОЛУЧЕ'НИЕ** *ср.* албоо.

**НЕПОМЕ'РНО** *нареч.* ыгы жок, өтө чоң, абдан ашкан.

**НЕПОМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое чектен тыш, эң эле, ыгы жок, өтө чоң; **непоме́рная толщина́** өтө эле жоондук; **непоме́рные тре́бования** өтө эле чоң талаптар.

**НЕПОНИМА'НИЕ** *ср.* түшүнбөө, аңдабоо.

**НЕПОНЯ'ТЛИВОСТЬ** *ж.* зээнсиздик, маңыроолук, аңкоолук.

**НЕПОНЯ'ТЛИВЫЙ,** -ая, -ое зээнсиз, маңыроо, аңкоо.

**НЕПОНЯ'ТНО 1.** *нареч.* түшүнүксүз; **говори́ть непоня́тно** түшүнүксүз сүйлөө; **2.** *безл. в знач. сказ.* түшүнүксүз; **непоня́тно, что он хоте́л сказа́ть** анын эмне айтайын дегени түшүнүксүз; **мне непоня́тно, как э́то случи́лось** кандайча минтип калганы мага түшүнүксүз.

**НЕПОНЯ'ТНОСТЬ** *ж.* түшүнүксүздүк.

**НЕПОНЯ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** түшүнүксүз; **непоня́тное сло́во** түшүнүксүз сөз; **2.** (*загадочный, странный*) түшүнүксүз, укмуштуу; **непоня́тный слу́чай** түшүнүксүз учур.

**НЕПО'НЯТЫЙ,** -ая, -ое түшүнүлбөгөн, түшүнүлбөгөн бойдон; **оста́ться непо́нятым** түшүнүлбөгөн бойдон калуу.

**НЕПОПАДА'НИЕ** *ср. воен.* тийбей калуу (*ок тийбей калуу*).

**НЕПОПРАВИ'МОСТЬ** *ж.* түзөлбөстүк, түзөтүлбөстүк, оңолбостук, оңдолбостук.

**НЕПОПРАВИ'МЫЙ,** -ая, -ое түзөлбөс, түзөтүлбөс, түзөтүшү мүмкүн болбогон, оңдолбос; **непоправи́мая оши́бка** түзөтүшү мүмкүн болбогон ката.

**НЕПОПУЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое популярдуу эмес (*белгилүү эмес, элге белгилүү эмес*).

**НЕПОРО'ЧНОСТЬ** *ж.* **1.** *уст.* күнөөсүздүк, күнөөсү жоктук; **2.** (*безупречность*) кемтиксиздик, айыпсыздык, ак ниеттик.

www.bizdin.kg

**НЕПОРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. *уст.* күнөөсүз, күнөөсү жок; 2. (*безупречный*) кемтиксиз, айыпсыз, ак ниет менен болгон.

**НЕПОРЯ'ДОК** *м.* кемчилик, тартиптин жоктугу.

**НЕПОРЯ'ДОЧНОСТЬ** *ж.* түзүк эместик, жакшы эместик.

**НЕПОРЯ'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое түзүк эмес, жакшы эмес; **непоря́дочный челове́к** жакшы киши эмес.

**НЕПОСЕ'ДА** *м. и ж. разг.* турумсуз, отурбас, көчүгү жерге тийбес, тынчы жок (*мис. бала*).

**НЕПОСЕ'ДЛИВОСТЬ** *ж.* турумсуздук, отурбастык, көчүгү жерге тийбестик, тынчы жоктук.

**НЕПОСЕ'ДЛИВЫЙ,** -ая, -ое турумсуз, отурбас, көчүгү жерге тийбеген, токтоно албаган, тынчы жок; **непосе́дливый ребёнок** тынчы жок бала.

**НЕПОСЕЩА'ЕМОСТЬ** *ж.* катышпоочулук, келбей калуучулук (*мис. сабакка*).

**НЕПОСЕЩЕ'НИЕ** *ср.* катышпоо, келбөө, барбоо, каттабоо.

**НЕПОСИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое күч жетпес, көтөрө алгыс, алы жетпес; **непоси́льное зада́ние** күч жетпес тапшырма; **непоси́льная но́ша** көтөрө алгыс жүк.

**НЕПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНО** *нареч.* ырааттсыз, бир тартип менен барбай.

**НЕПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. ырааттсыздык, бир тартип менен барбагандык, ирети жоктук; 2. (*непоследовательный поступок*) ырааттуу эместик; **допусти́ть непосле́довательность** ырааттуу эместикке жол берүү.

**НЕПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ырааттсыз, иретсиз, бир тартип менен барбаган; **непосле́довательный посту́пок** ырааттсыз иш; **непосле́довательный челове́к** ырааттсыз киши.

**НЕПОСЛУША'НИЕ** *ср.* кулак салбоо, кулак койбоо, тил албоо.

**НЕПОСЛУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое кулак салбас, кулак койбос, тил албас.

**НЕПОСРЕ'ДСТВЕННО** *нареч.* 1. тике, тикеден-тике, тупадан туура; **непосре́дственно соприкаса́ться** *с кем-л.* *бирөө менен* тикеден-тике байланышуу; **переда́ть письмо́ непосре́дственно адреса́ту** катты адрестелген кишинин өзүнө берүү; 2. (*без раздумий*) ойлонуп отурбастан эле; **непосре́дственно отозва́ться на призы́в** ойлонуп турбастан эле үндөөгө кошулуу.

**НЕПОСРЕ'ДСТВЕННОСТЬ** *ж.* митаамдыгы жоктук, көөдөктүк, арам ою жоктук; **с де́тской непосре́дственностью** балдарча жаман ою жоктук менен.

**НЕПОСРЕ'ДСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. тике, тупадан-туура, тикеден-тике; **непосре́дственный нача́льник** тике начальник; **под непосре́дственным руково́дством** тике жетекчилиги астында; 2. арамза эмес, митаамдыгы жок, көөдөк; **непосре́дственная нату́ра** арамдыгы жок адам; **непосре́дственное чу́вство** өзүнөн өзү келип чыккан сезим.

**НЕПОСТИЖИ'МЫЙ,** -ая, -ое акыл жеткис; ◇ **уму́ непостижи́мо** *разг.* акыл жеткис, таптакыр түшүнүксүз.

**НЕПОСТОЯ'ННЫЙ,** -ая, -ое өзгөрмө, туруктуу эмес, туруксуз, оома; **непостоя́нная нату́ра** туругу жок адам.

**НЕПОСТОЯ'НСТВО** *ср.* өзгөргүчтүк, туруктуу эместик, туруксуздук, оомалык.

**НЕПОТОПЛЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* сууга чөгүп кетпестик, сууга чөкпөй тургандык (*мис. кеме*).

**НЕПОТОПЛЯ'ЕМЫЙ,** -ая, -ое сууга чөгүп кетпес, сууга чөкпөй турган (*мис. кеме*).

**НЕПОТРЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* 1. (*ненужный*) керексиз, жараксыз; 2. (*неприличный*) уят, бузук, шалпыган; **непотре́бные слова́** шалпыган сөздөр.

**НЕПОХО'ЖИЙ,** -ая, -ее окшош эмес, окшобогон.

**НЕПОЧА'ТЫЙ,** -ая, -ое башталбаган, бузулбаган, чети оюла элек; ◇ **непоча́тый край рабо́ты** толуп жаткан (чети да оюла элек) иш, абдан көп жумуш.

**НЕПОЧТИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* сыйлабастык, ызат кылбагандык, адепсиздик.

**НЕПОЧТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сыйлабас, ызаты жок, ызат кылбас, адепсиз.

**НЕПРА'ВДА** *ж.* чын эмес, калп, жалган; ◇ **все́ми пра́вдами и непра́вдами** *разг.* калпты-чынды койгулатып.

**НЕПРАВДИ'ВЫЙ,** -ая, -ое жалган, калп, туура эмес.

**НЕПРАВДОПОДО'БИЕ** *ср.* чынга окшобогондук.

**НЕПРАВДОПОДО'БНО** *нареч.* чындыкка окшобогон, чын сыяктанбаган.

**НЕПРАВДОПОДО'БНЫЙ,** -ая, -ое чынга окшобогон, чын сыягы жок.

**НЕПРА'ВИЛЬНО** *нареч.* туура эмес, дурус эмес, тескери.

**НЕПРА'ВИЛЬНОСТЬ** *ж.* туура эместик, дурус эместик, тескерилик, теристик.

**НЕПРА'ВИЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*отступающий от нормы*) туура эмес, тескери, буруш; **непра́вильные черты́ лица́** бет түзүлүшү туура эмес; **непра́вильное разви́тие** туура эмес өрчүү; **непра́вильная дробь** *мат.* буруш бөлчөк; **непра́вильный многоуго́льник** *мат.* туура эмес көп бурчтук; **непра́вильный глаго́л** *грам.* тескери этиш (*жакталышы жалпы жакталуу эрежелеринен тышкары турган этиш*); 2. (*ошибочный*) жаңылыш, дурус эмес; **непра́вильный вы́вод** жаңылыш корутунду.

**НЕПРАВОМЕ'РНО** *нареч.* законго ылайык эмес, законго туура эмес, закон чендүү эмес.

**НЕПРАВОМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое законго ылайыксыз, закон чендүү эмес, законго ылайык келбеген.

**НЕПРАВОМО'ЧНОСТЬ** *ж. юр.* укугу жоктук, укук берилбегендик (*мис. бир ишти иштөөгө*).

**НЕПРАВОМО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* укугу жок.

**НЕПРАВОСПОСО'БНОСТЬ** *ж. юр.* укукка жөндөмсүздүк, укукка жөндөмү жоктук.

**НЕПРАВОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* укукка жөндөмсүз, укукка жөндөмү жок.

**НЕПРАВОТА'** *ж.* туура эместик, тескери экендик, терс экендик; **созна́ться в свое́й неправоте́** өзүнүн туура эместигин мойнуна алуу.

**НЕПРА'ВЫЙ,** -ая, -ое туура эмес; **вы непра́вы** сиздики туура эмес.

**НЕПРАКТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* 1. (*неделовитость*) иштиктүү эместик, камылгалуу эместик, бышык эместик, бүйрө эместик, шалакылык; **он отлича́ется непракти́чностью** ал камылгалуу эместиги менен айырмаланат; 2. (*чего-л.*) үнөмдүү эместик, ыңгайсыздык, оңтойсуздук, ылайыгы жоктук, жараксыздык.

**НЕПРАКТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о человеке*) камылгалуу эмес, шалакы; 2. (*неэкономный, неудобный*) үнөмдүү эмес, ыңгайсыз, оңтойсуз, ылайыксыз, ылайыгы жок, жараксыз.

**НЕПРЕВЗОЙДЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*самый совершенный*) эң жакшы, барып турган мыкты, абдан мыкты (*теңи жок*); **непревзойдённый образе́ц** барып турган мыкты үлгү; **непревзойдённое мастерство́** барып турган чебердик; 2. *неодобр.* (*достигший крайней степени*) барып турган, ашынган; **непревзойдённое равноду́шие** барып турган кош көңүлдүк; **непревзойдённая жесто́кость** барып турган ырайымсыздык.

**НЕПРЕДВЗЯ'ТОСТЬ** *ж.* белгилүү ой менен иштелбегендик, атайлап иштелбегендик.

**НЕПРЕДВЗЯ'ТЫЙ,** -ая, -ое белгилүү ой менен иштелбеген, атайы иштелбеген; **непредвзя́тое отноше́ние** атайы иштелбеген мамиле.

**НЕПРЕДВИ'ДЕННЫЙ,** -ая, -ое мурда билинбеген, күтпөгөн жерден болгон, күтүлбөгөн.

**НЕПРЕДНАМЕ'РЕННЫЙ,** -ая, -ое мурда ниеттелбеген, атайы иштелбеген, мурда ниет кылынбаган; **непреднаме́ренное оскорбле́ние** атайы иштелбеген ызалоо.

www.bizdin.kg

**НЕПРЕДУБЕЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое күн мурун, башынан ойлонулуп коюлбаган; **непредубеждённое мнéние** күн мурун ойлонулуп коюлбаган пикир (ой).

**НЕПРЕДУМЫ'ШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое *см.* **непреднамéренный.**

**НЕПРЕДУСМО'ТРЕННЫЙ,** -ая, -ое өз убагында эсепке алынбаган, өз убагында планга киргизилбеген.

**НЕПРЕДУСМОТРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* келечегин карабагандык, келечегин ойлобогондук, артын ойлобогондук, абайлабагандык.

**НЕПРЕДУСМОТРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое келечегин карабаган, келечегин ойлобогон, артын байкабаган, абайлабаган.

**НЕПРЕЗЕНТА'БЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *разг. уст.* кебетеси начар, кейпи начар, сымбаттуу эмес, келбеттүү эмес.

**НЕПРЕКЛО'ННОСТЬ** *ж.* туруктуулук, салмактуулук.

**ОБЛЕГЧЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) жеңилдөө, жеңилдетилүү, оңойлоо, оңойлотулуу; **2.** жеңилдик, оңойлоо; **почу́вствовать облегче́ние** жеңилдикти сезүү.

**ОБЛЕГЧИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*сделать легче*) жеңилдетүү, оңойлотуу; **облегчи́ть но́шу** жүктү жеңилдетүү; **2.** *что* (*упростить*) жеңилдетүү; **облегчи́ть констру́кцию тра́ктора** трактордун конструкциясын жеңилдетүү; **3.** *что* (*сделать менее трудным*) жеңилдетүү, оңойлотуу; **облегчи́ть положе́ние** абалды жеңилдетүү; **облегчи́ть труд** эмгекти жеңилдетүү; **4.** *что* (*успокоить*) азайтуу, басаңдатуу, жеңилдетүү, оңойлотуу; **облегчи́ть боль** ооруганын басаңдатуу.

**ОБЛЕГЧИ'ТЬСЯ** *сов.* жеңилдетилүү, оңойлотулуу; **усло́вия рабо́ты облегчи́лись** жумуштун шарттары жеңилдетилди.

**ОБЛЕДЕНЕ'ЛЫЙ, -ая, -ое** муз болгон, муз тоңгон, муз каптаган; **обледене́лые ска́лы** муз каптаган аскалар.

**ОБЛЕДЕНЕ'НИЕ** *ср.* муздоо, муз болуу, сыртына муз тоңуу; **обледене́ние самолёта** самолёттун сыртына муз тоңуу.

**ОБЛЕДЕНЕ'ТЬ** *сов.* муздоо, муз болуу, сыртына муз тоңуу; **самолёт обледене́л** самолёттун сыртына муз тоңуп калды.

**ОБЛЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **обле́зть.**

**ОБЛЕ'ЗЛЫЙ, -ая, -ое** *разг.* түлөгөн, жыдыган, жүнү түшкөн; **обле́злый мех** жүнү түшкөн мех; **обле́злая ко́шка** түлөгөн мышык.

**ОБЛЕ'ЗТЬ** *сов. разг.* түлөө, түлөп түшүү, жыдуу (*жүн, тери, түк*); **ко́жа по́сле ожо́га обле́зла** күйгөндөн кийин тери түлөп түштү.

**ОБЛЕКА'ТЬ** *несов. см.* **обле́чь** I.

**ОБЛЕКА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **обле́чься; 2.** *страд. к* **облека́ть.**

**ОБЛЕНИ'ТЬСЯ** *сов.* такыр жалкоо болуп калуу.

**ОБЛЕПИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*со всех сторон*) жабышуу; **грязь облепи́ла сапоги́** баткак өтүктүн баары жерине жабышты; **2.** *чем, разг.* (*обклеить*) ар кайсы жерге жабыштыруу; **облепи́ть сте́ны объявле́ниями** дубалдын ар жерине кулактандыруулар жабыштыруу.

**ОБЛЕПИ'ХА** *ж. бот.* чычырканак.

**ОБЛЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **облепи́ть.**

**ОБЛЕСЕ'НИЕ** *ср.* токой өстүрүү, токойлуу кылуу; **облесе́ние степе́й** талааларда токой өстүрүү; **облесе́ние овра́гов** жарларда (андарда) токой өстүрүү.

**ОБЛЕСИ'ТЕЛЬНЫЙ, -ая, -ое облесение**-*ге т.*; **облеси́тельные рабо́ты** токой өстүрүү жумуштары.

**ОБЛЕСИ'ТЬ** *сов. что* токой өстүрүү; **облеси́ть степны́е райо́ны** талаа райондорунда токой өстүрүү.

**ОБЛЕТА'ТЬ** I *сов. что* **1.** (*побывать во многих местах*) айланып учуп кыдырып чыгуу; **облета́ть всё побере́жье** жээктин баарын учуп кыдырып чыгуу; **2.** (*испытать в полёте*) учуруп сыноо; **облета́ть самолёт** самолётту учуруп сыноо.

**ОБЛЕТА'ТЬ** II *несов. см.* **облете́ть.**

**ОБЛЕТЕ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что, вокруг кого-чего* айланып учуу, айлана учуп чыгуу, тегерете учуу, тегерете учуп чыгуу; **облете́ть вокру́г о́зера** көлдү айлана учуп чыгуу; **2.** *что, перен.* бат (тез) таралуу, бат (тез) жайылуу, бат (тез) жетүү; **ра́достная весть облете́ла всю о́бласть** кубанычтуу кабар бүткүл областка тез тарады; **3.** (*осыпаться*) күбүлүү, күбүлүп түшүү; **ли́стья облете́ли** жалбырактар күбүлүп түштү.

**ОБЛЕЧЁННЫЙ, -ая, -ое** *прич. от* **обле́чь** I; **облечённый вла́стью** колунда бийлиги бар.

**ОБЛЕ'ЧЬ** I *сов. кого* **1.** (*одеть*) кийиндирүү; **2.** *перен.* (*окутать, окружить чем-л.*) түр берүү, курчап алуу; **обле́чь та́йной** жашырын сыр берүү; **3.** *перен.* (*выразить*) айтуу, сүйлөө, билдирүү; **обле́чь свою́ мысль в поня́тные слова́** өзүнүн оюн түшүнүктүү сөздөр менен айтуу; **4.** (*наделить*): **обле́чь дове́рием** ишенүү, ишенип тапшыруу.

**ОБЛЕ'ЧЬ** II *сов. что* **1.** (*обволочь*) каптоо, басуу; **ту́чи облегли́ не́бо** асманды булут каптады; **2.** (*о платье*) кыналып (чакталып) туруу; **пла́тье пло́тно облега́ет фигу́ру** көйнөк денеге кыналып турат.

**ОБЛЕ'ЧЬСЯ** *сов. во что* **1.** (*одеться*) кийинүү, жамынуу; **2.** *перен.* кандайдыр түргө кирүү.

**ОБЛИВА'НИЕ** *ср.* жаба куюу.

**ОБЛИВА'ТЬ** *несов. см.* **обли́ть.**

**ОБЛИВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **обли́ться; 2.** *страд. к* **облива́ть;** ◇ **облива́ться по́том** алка-шалка тердөө, кара терге түшүү; **облива́ться слеза́ми** жашын көлдөтүп ыйлоо, көз жашын көл кылуу; **се́рдце кро́вью облива́ется** өтө эле боор ооруйт.

**ОБЛИ'ВКА** *ж.* **1.** (*действие*) сырдоо (*мис. карапаны*); **2.** *см.* **глазу́рь.**

**ОБЛИВНО'Й, -ая, -ое обливка** I-*ге т.*; **обливно́й кувши́н** сырдалган кумура.

**ОБЛИГА'ЦИЯ** *ж.* облигация; **облига́ция госуда́рственного за́йма** мамлекеттик заёмдун облигациясы.

**ОБЛИЗА'ТЬ** *сов. кого-что* жалоо; **облиза́ть гу́бы** эриндн жалоо; ◇ **па́льчики обли́жешь** *разг.* тилиңди тартат (*эң эле таттуу, эң эле даамдуу*).

**ОБЛИЗА'ТЬСЯ** *сов.* жалануу.

**ОБЛИЗНУ'ТЬ** *однокр. кого-что, разг.* бир жалап алуу; **облизну́ть гу́бы** эрдин бир жалап алуу.

**ОБЛИЗНУ'ТЬСЯ** *однокр. разг.* бир жаланып алуу.

**ОБЛИ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **облиза́ть.**

**ОБЛИ'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **облиза́ться, облизну́ться; 2.** *перен.* үмүт кылып тамшануу; **3.** *страд. к* **обли́зывать.**

**О'БЛИК** *м.* **1.** (*внешность*) кейип, кебете, тышкы көрүнүш; **прия́тный о́блик** сүйкүмдүү кебете; **2.** *перен.* облик, кулк-мүнөз; **культу́рный о́блик** маданий облик.

**ОБЛИНЯ'ТЬ** *сов.* **1.** *разг.* (*потерять окраску*) оңуу; **2.** (*потерять шерсть, перья*) түлөө, жыдуу.

www.bizdin.kg

**ОБМАНУ'ТЬСЯ** *сов.* алдануу, алданып калуу; **обману́ться в свои́х ожида́ниях** көңүлдөгүдөй (ойлогондой) болбой алданып калуу.

**ОБМА'НЧИВОСТЬ** *ж.* алдамчылык, өзгөрүлмөлүк, ишенимсиздик.

**ОБМА'НЧИВЫЙ**, -ая, -ое алдамчы, өзгөрүлмө, ишенимсиз; **обма́нчивая пого́да** аба ырайынын ишеничтүү эместиги, өзгөрүлмө аба ырайы.

**ОБМА'НЩИК** *м.* алдамчы.

**ОБМА'НЩИЦА** *женск. р. к* **обма́нщик.**

**ОБМА'НЫВАТЬ** *несов. см.* **обману́ть.**

**ОБМА'НЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обману́ться;** 2. *страд. к* **обма́нывать.**

**ОБМАРА'ТЬ** *сов. кого-что, прост.* булгоо, булгап алуу.

**ОБМАРА'ТЬСЯ** *сов. прост.* булгануу.

**ОБМА'СЛИВАТЬ** *несов. см.* **обма́слить.**

**ОБМА'СЛИТЬ** *сов. что, разг.* майлоо; **обма́слить блин** челпекти майлоо.

**ОБМА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **обмота́ть.**

**ОБМА'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обмота́ться;** 2. *страд. к* **обма́тывать.**

**ОБМА'ХИВАТЬ** *несов. см.* **обмахну́ть.**

**ОБМА'ХИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обмахну́ться;** 2. *страд. к* **обма́хивать.**

**ОБМАХНУ'ТЬ** *сов. кого-что* серпип сүртүү, серпип сүртүп кетирүү; **обмахну́ть пыль с книг** китептердин чаңын серпип сүртүп кетирүү.

**ОБМАХНУ'ТЬСЯ** *сов. чем* желпинүү, кагынуу; **обмахну́ться ве́ером** желпигич менен желпинүү.

**ОБМА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **обмочи́ть.**

**ОБМЕЛЕ'НИЕ** *ср.* тайызданууу.

**ОБМЕЛЕ'ТЬ** *сов.* суу тартылуу, тайыздалуу, тайыз тартуу; **река́ за ле́то обмеле́ла** жайында суу тартылып калды.

**ОБМЕ'Н** *м.* 1. (*действие*) алышуу, алмашуу; **обме́н о́пытом** тажрыйба алмашуу; **обме́н мне́ниями** пикир алышуу; 2. *эк.* айрыбаш кылуу, алмашуу; **плани́рование обме́на** айрыбаш кылууну пландоо; ◇ **обме́н веще́ств** *физиол.* заттардын алмашуусу (*тамак сиңирүүдөгү организмдин процесстери*).

**ОБМЕ'НИВАТЬ** *несов. см.* **обмени́ть, обменя́ть.**

**ОБМЕ'НИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обмени́ться, обменя́ться;** 2. *страд. к* **обме́нивать.**

**ОБМЕНИ'ТЬ** *сов. что, разг.* алмаштыруу, алмаштырып жиберүү; **обмени́ть гало́ши в гостя́х** конокто галошту алмаштырып жиберүү.

**ОБМЕНИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* алмашылуу, алмаштырылуу.

**ОБМЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое **обмен**-*ге т.*; **обме́нный фонд** алмаштыруу фондусу; **обме́нный пункт** алмаштыруу пункту.

**ОБМЕНЯ'ТЬ** *сов. что* алмаштыруу, алмаштырып алуу; **обменя́ть кварти́ру** квартира алмаштыруу; **обменя́ть кни́ги в библиоте́ке** китепканадан китептерди алмаштырып алуу.

**ОБМЕНЯ'ТЬСЯ** *сов. кем-чем* айрыбаш кылуу, алмашуу; **обменя́ться кни́гами** китеп айрыбаш кылуу; ◇ **обменя́ться мне́ниями** пикир алышуу; **они́ обменя́лись пи́сьмами** алар бири-бирине кат жазышты.

**ОБМЕ'Р** *м.* 1. өлчөө, ченөө; **произвести́ обме́р жилпло́щади** турак үй аянтын ченеп чыгуу; 2. (*обман при измерении*) кем өлчөп берүү, метрден алдоо.

**ОБМЕРЕ'ТЬ** *сов. разг.* эси оош калуу, талып калуу, жалдырап туруп калуу; **он о́бмер от испу́га** ал корккондуктан эси оэп калды.

**ОБМЕРЗА'ТЬ** *несов. см.* **обмёрзнуть.**

**ОБМЁРЗНУТЬ** *сов.* тоңуу, муз тоңуу; **усы́ обмёрзли** мурутка муз тоңду.

**ОБМЕ'РИВАТЬ** *несов. см.* **обме́рить.**

**ОБМЕ'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обме́риться;** 2. *страд. к* **обме́ривать.**

**ОБМЕ'РИТЬ** *сов. кого-что* 1. (*смерить, измерить*) өлчөө, ченөө; **обме́рить уча́сток** участокту өлчөө; 2. (*обмануть*) кем өлчөп берүү, метрден алдоо.

**ОБМЕ'РИТЬСЯ** *сов. разг.* өлчөөдөн (ченөөдөн) жаңылуу.

**ОБМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **обме́рить.**

**ОБМЕСТИ'** *сов. что* шыпырып тазалоо; **обмести́ паути́ну** жөргөмүштүн торун (уясын) шыпырып тазалоо.

**ОБМЕТА'ТЬ** I *несов. см.* **обмести́.**

**ОБМЕТА'ТЬ** II *сов. что* 1. тордоо, тордоп тигүү; **обмета́ть пе́тли** топчулукту тордоо; 2. *безл. разг.* (*о сыпи*) исиркектеп жара чыгуу; **гу́бы обмета́ло** эринге исиркектеп жара чыкты.

**ОБМЁТЫВАТЬ** *несов. см.* **обмета́ть** II.

**ОБМИНА'ТЬ** *несов. см.* **обмя́ть.**

**ОБМИРА'ТЬ** *несов. см.* **обмере́ть.**

**ОБМОЗГОВА'ТЬ** *сов. что, прост.* жакшылап ойлонуу, абдан ойлонуу.

**ОБМОЗГО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **обмозгова́ть.**

**ОБМОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **обмолоти́ть.**

**ОБМО'ЛВИТЬСЯ** *сов. разг.* жаңылыштан терс айтып коюу, атайын дегенинен жаңылып башканы айтуу; ◇ **он не обмо́лвился ни сло́вом о своём де́ле** ал өзүнүн иши жөнүндө бир да сөз айткан жок.

**ОБМО'ЛВКА** *ж.* сөздө кетирилген жаңылыш, жаңылыштан айтылган сөз.

**ОБМОЛО'Т** *м.* 1. (*действие*) эгин басуу, эгин бастыруу; **зако́нчить обмоло́т в срок** эгин бастырууну мөөнөтүндө бүтүрүү; 2. (*количество обмолоченного зерна*) басылган эгин, кызылданган эгин; **большо́й обмоло́т** кызылданган көп эгин.

**ОБМОЛОТИ'ТЬ** *сов. что* эгин бастыруу.

**ОБМОРА'ЖИВАНИЕ** *ср.* үшүтүп жиберүү, суукка алдырып жиберүү.

**ОБМОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **обморо́зить.**

**ОБМОРА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обморо́зиться;** 2. *страд. к* **обмора́живать.**

**ОБМОРО'ЗИТЬ** *сов. что* үшүтүп жиберүү, суукка алдырып жиберүү; **обморо́зить щёки** бетти үшүтүп жиберүү.

**ОБМОРО'ЗИТЬСЯ** *сов. разг.* үшүп кетүү, суукка алдыруу, аябай тоңуу.

**О'БМОРОК** *м.* талуу, эс оош; **упа́сть в о́бморок** талып калуу, эсинен тануу, эси оот жыгылып калуу.

**О'БМОРОЧНЫЙ**, -ая, -ое **обморок**-*ко т.*; **о́бморочное состоя́ние** эси оот калган абал.

**ОБМОТА'ТЬ** *сов. кого-что, чем* ороо, чулгоо; **обмота́ть го́лову платко́м** башты жоолук менен ороо; **обмота́ть шарф вокру́г шеи́** шарфты моюнга ороо.

**ОБМОТА'ТЬСЯ** *сов. чем, разг.* оронуу, оролуу, чулгануу, чулгалуу; **обмота́ться полоте́нцем** сүлгү менен оронуу.

**ОБМО'ТКА** *ж.* 1. (*действие*) ороо, түрүү; **автоматизи́рованная обмо́тка кату́шек** катушкаларды түрүүнүн автоматташтырылышы; 2. (*намотанное*) чырмай турган нерсе, орой турган, ороло турган, ором; **про́вод без обмо́тки** чырмалбаган провод; **про́волочная обмо́тка** сым ором.

**ОБМО'ТКИ** *мн.* балтыр орогуч (*эркектер балтырын ороочу тилке кездеме*).

**ОБМОЧИ'ТЬ** *сов. что* суу кылып алуу; **обмочи́ть рукава́** жеңдин учун суу кылып алуу.

**ОБМУНДИРОВА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) формалуу кийим берүү; **обмундирова́ние призывнико́в** аскерге чакырылгандарга формалуу кийим берүү; 2. (*форменная одежда*) формалуу кийим; **зи́мнее обмундирова́ние** кышында кийилүүчү формалуу кийим; **получи́ть обмундирова́ние** формалуу кийим алуу.

**ОБМУНДИРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* формалуу кийим берүү; **обмундирова́ть полк** полкко формалуу кийим бе-

www.bizdin.kg

рүү; **обмундирова́ть призывнико́в** аскерге чакырылгандарга формалуу кийим берүү.

**ОБМУНДИРОВА'ТЬСЯ** *сов.* формалуу кийим кийинүү, формалуу кийим алуу.

**ОБМУНДИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое формалуу кийимге арналган; **обмундиро́вочные де́ньги** формалуу кийимге арналган акча.

**ОБМУНДИРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **обмундирова́ть.**

**ОБМУНДИРО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обмундирова́ться;** 2. *страд. к* **обмундиро́вывать.**

**ОБМУРОВА'ТЬ** *сов. что* туш-тушуна коюп жасоо, туш-тушуна коюп салуу, каптоо (*таш же кирпич*).

**ОБМУРО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) туш-тушуна коюп жасоо, туш-тушуна салуу (*таш же кирпич*); 2. ошондой жасоого жумшалган материал; **кирпи́чная обмуро́вка котла́** казандын айланасына кирпичтер коюп аны орнотуу.

**ОБМУРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **обмурова́ть.**

**ОБМЫВА'НИЕ** *ср.* жуу, жууш.

**ОБМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **обмы́ть.**

**ОБМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обмы́ться;** 2. *страд. к* **обмыва́ть.**

**ОБМЫ'ЛКИ** *только мн. разг.* 1. супсун; 2. самындын алкындылары.

**ОБМЫ'ЛОК** *м. разг.* алкынды (*самындын калдыгы*).

**ОБМЫ'ТЬ** *сов. кого-что* жууп тазалоо; **обмы́ть ра́ну** жараны жууп тазалоо.

**ОБМЫ'ТЬСЯ** *сов. разг.* жуунуу, жуулуу.

**ОБМЯКА'ТЬ** *несов. см.* **обмя́кнуть.**

**ОБМЯ'КНУТЬ** *сов. разг.* 1. жумшаруу, жумшарып калуу; **гли́на от сы́рости обмя́кла** чопо (топурак) нымдан жумшарып калды; 2. *перен.* жумшарып калуу, боорукер болуп калуу.

**ОБМЯ'ТЬ** *сов. что* үстүнөн басып түзөтүү, туш-тушунан кысып жалпайтуу; **обмя́ть туго́й во́рот** катуу *же* тар жаканы тартып (уйпалап) жумшартуу; **обмя́ть се́но** чөптү кысуу, чөптү басуу.

**ОБМЯ'ТЬСЯ** *сов.* бырышып калуу, уйпаланып калуу; **посте́ль обмя́лась** төшөк уйпаланып калды.

**ОБНАГЛЕ'ТЬ** *сов.* ашынган бетпактык кылуу, бетпактыгы ашынып кетүү.

**ОБНАДЁЖИВАНИЕ** *ср.* үмүттөндүрүү, үмүткөр кылуу.

**ОБНАДЁЖИВАТЬ** *несов. см.* **обнадёжить.**

**ОБНАДЁЖИТЬ** *сов. кого* үмүттөндүрүү, үмүткөр кылуу; **обнадёжить кого́-либо** бирөөнү үмүттөндүрүү.

**ОБНАЖА'ТЬ** *несов. см.* **обнажи́ть.**

**ОБНАЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обнажи́ться;** 2. *страд. к* **обнажа́ть.**

**ОБНАЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. жылаңачталуу, жылаңачтануу, жылаңачтоо; 2. *перен.* ачылуу, ашкере болуу; **обнаже́ние противоре́чий** карама-каршылыктардын ачылып калышы.

**ОБНАЖЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **обнажи́ть;** 2. *прил.* жылаңачталган, жылаңач болгон.

**ОБНАЖИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жылаңачтоо; **обнажи́ть пле́чи** ийиндерин жылаңачтоо; **обнажи́ть го́лову** жылаңбаштануу; 2. *что* (*сделать видимым, лишить покровов*) ачуу, сууруу; **обнажи́ть нерв** нервди ачуу; **обнажи́ть са́блю** кылычты кынынан сууруу; 3. *кого-что, перен.* ачып көрсөтүү, ашкере кылуу.

**ОБНАЖИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*раздеться*) жылаңачтануу; 2. (*лишиться покровов*) ачылуу; **нерв обнажи́лся** нерв ачылды; 3. *перен.* (*обнаружиться*) ачылып көрүнүү, ашкереленүү.

**ОБНАРО'ДОВАНИЕ** *ср.* элге жарыялоо, элге жарыялануу, жалпыга жарыялоо, жалпыга жарыялануу; **обнаро́дование постановле́ния** токтомду элге жарыялоо.

**ОБНАРО'ДОВАТЬ** *сов. что* элге жарыялоо, жалпыга жарыялоо; **обнаро́довать ука́з** указды элге жарыялоо.

**ОБНАРУ'ЖЕНИЕ** *ср.* 1. көрсөтүү, билинүү, белгилүү болуу; 2. табылуу, айкындалуу; 3. бетин ачуу, табуу.

**ОБНАРУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **обнару́жить.**

**ОБНАРУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обнару́житься;** 2. *страд. к* **обнару́живать.**

**ОБНАРУ'ЖИТЬ** *сов. что* 1. (*показать*) көрсөтүү, билгизүү, белгилүү кылуу; **обнару́жить свою́ ра́дость** өзүнүн кубанычын көрсөтүү; 2. (*найти*) табуу; **обнару́жить пропа́вшую вещь** жоголгон буюмду (нерсени) табуу; 3. (*разоблачить*) бетин ачуу, табуу; **обнару́жить престу́пника** кылмышкердин бетин ачуу, кылмышкерди табуу.

**ОБНАРУ'ЖИТЬСЯ** *сов.* 1. (*найтись*) табылуу; **пропа́вшая кни́га обнару́жилась** жоголгон китеп табылды; 2. (*стать известным*) табылуу, белгилүү болуу, көрүнүү; **обнару́жились но́вые фа́кты** жаңы фактылар табылды; 3. (*оказаться*) болуп чыгуу; **у ребёнка обнару́жилась корь** баланыкы кызылча болуп чыкты.

**ОБНЕСТИ'** I *сов. что чем* (*огородить*) курчоо, айландыра тосуу; **обнести́ сад забо́ром** бакты айландыра дубал менен курчоо.

**ОБНЕСТИ'** II *сов. кого-что* 1. (*угостить всех*) бардыкка тең таратуу; **обнести́ госте́й конфе́тами** конокторго конфеталар таратуу; 2. (*не дать*) бербей коюу, куру калтыруу (*бир нерсени алалап-кулалап бөлүштүрүп, бир же бир нече кишиге бербей коюу*); **обнести́** *кого-л.* **моро́женым** *бирөөгө* морожены бербей куру калтыруу.

**ОБНИМА'ТЬ** *несов. см.* **обня́ть.**

**ОБНИМА'ТЬСЯ** *несов. см.* **обня́ться.**

**ОБНИ'МКА** *ж.*: **в обни́мку** *разг.* кучакташып; айкалышып.

**ОБНИЩА'ЛЫЙ,** -ая, -ое жакырданган, кедейленген.

**ОБНИЩА'НИЕ** *ср.* жакырдануу, кедейленүү.

**ОБНИЩА'ТЬ** *сов.* жакырдануу, кедейленүү.

**ОБНО'ВА** *ж. уст.* жаңы алынган буюм (*мис. жаңы кийим*).

**ОБНОВИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*заменить новым*) жаңыртуу, жаңылоо; **обнови́ть ме́тоды рабо́ты** иштин методдорун жаңыртуу; 2. *разг.* (*починить*) оңдоо, түзөтүү; **обнови́ть ме́бель** мебелди оңдоо; 3. *перен.* (*пополнить*) жаңыртуу, калыбына келтирүү; **обнови́ть свои́ зна́ния** өзүнүн билимин жаңыртуу; 4. *разг.* (*впервые употребить*) жаңыдан кийүү, жаңыдан урунуу; **обнови́ть пла́тье** жаңы көйнөк кийүү.

**ОБНОВИ'ТЬСЯ** *сов.* жаңылануу, жаңыртылуу.

**ОБНО'ВКА** *ж. разг.* жаңы алынган буюм (*мис. жаңы кийим*).

**ОБНОВЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. жаңыруу, жаңыртуу, жаңылоо, жаңылануу; **обновле́ние ме́тодов рабо́ты** иштин методдорун жаңылоо; 2. (*починка*) оңдоо, түзөтүү; 3. *перен.* (*пополнение*) жаңыртуу, калыбына келтирилүү; **обновле́ние зна́ний** билимин жаңыртуу, билимин калыбына келтирүү.

**ОБНОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **обнови́ть.**

**ОБНОВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обнови́ться;** 2. *страд. к* **обновля́ть.**

**ОБНОСИ'ТЬ** I *несов. см.* **обнести́** I.

**ОБНОСИ'ТЬ** II *несов. см.* **обнести́** II.

**ОБНОСИ'ТЬ** III *сов. что, разг.* кийип жүрүп ык алдыруу, чак келтирүү; **обноси́ть но́вые сапоги́** жаңы өтүктү кийип ык алдыруу.

**ОБНОСИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*износить одежду*) кийими жыртылып бүтүү; 2. (*стать удобным*) кийилип жүрүп ык алуу, калып алуу; **ва́ленки обноси́лись** кийиз өтүк бутка калып алып калды; 3. (*обветшать от носки*) эскирүү, тамтыгы чыгуу; **пла́тье обноси́лось** көйнөк эскирди.

**ОБНО'СКИ** *мн.* (*ед.* **обно́сок** *м.*) *разг.* жыртылган кийим, тамтыгы чыккан кийим.

**ОБНЮ'ХАТЬ** *сов. кого-что* жыттоо, айландыра жыттоо.

www.bizdin.kg

**ОБНЮ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **обню́хать.**

**ОБНЯ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* кучактоо; **обня́ть мать** энесин кучактоо; **2.** *что, перен.* (*охватить*) ичине алуу, солдонуна кирүү, сыйдыруу.

**ОБНЯ'ТЬСЯ** *сов.* кучакташуу; **обня́ться при встре́че** бири-бирине учурашканда кучакташып көрүшүү; **идти́ обня́вшись** кучакташып басуу.

**ОБО** *предлог см.* **о** I.

**ОБО-** *приставка см.* **об-.**

**ОБОБРА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* (*собрать*) жыйнап алуу, терип алуу; **обобра́ть я́годы с куста́** бадалдан жемишти (жемөнү) жыйнап алуу; **2.** *кого-что, неодобр.* (*ограбить*) талап алуу, тоноп алуу, карактап алуу.

**ОБОБЩА'ТЬ** *несов. см.* **обобщи́ть.**

**ОБОБЩЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) жалпылоо, жалпылануу, корутундулоо, корутундулануу, жамдоо, жамдалуу; **обобще́ние о́пыта рабо́ты** жумуштун тажрыйбасын жалпылоо; **2.** (*общий вид*) корутунду, жалпы корутунду; **сде́лать обобще́ние** жалпы корутунду чыгаруу; **широ́кие обобще́ния** кеңири корутундулар.

**ОБОБЩЕСТВИ'ТЬ** *сов. что* коомдоштуруу, коомдук кылуу.

**ОБОБЩЕСТВЛЕ'НИЕ** *ср.* коомдошуу, коомдоштуруу; **обобществле́ние средств произво́дства** өндүрүш каражаттарын коомдоштуруу.

**ОБОБЩЕСТВЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **обобществи́ть; 2.** *прил.* коомдошкон, коомдоштурулган; **обобществлённый скот** коомдоштурулган мал; **обобществлённое хозя́йство** коомдошкон чарба.

**ОБОБЩЕСТВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **обобществи́ть.**

**ОБОБЩИ'ТЬ** *сов. что* жалпылоо, корутуу, жамдоо; **обобщи́ть о́пыт рабо́ты** жумуштун тажрыйбасын жалпылоо.

**ОБОВШИ'ВЕТЬ** *сов.* биттеп кетүү, бит басып кетүү.

**ОБОГАТИ'ТЕЛЬ** *м. горн.* **1.** (*специалист*) байытуучу; **инжене́р-обогати́тель** байытуучу-инженер; **2.** (*вещество*) кендерди башкалардан ажыратууга жардам берүүчү зат.

**ОБОГАТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *горн.* байытуучу; **обогати́тельная фа́брика** байытуучу фабрика.

**ОБОГАТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*сделать богатым*) байытуу; **обогати́ть страну́** өлкөнү байытуу; **2.** *что, перен.* байытуу; **обогати́ть свой жи́зненный о́пыт** өзүнүн турмуштук тажрыйбасын байытуу; **3.** *что, горн.* байытуу (*кендердин арасындагы пайдасыз нерселерди алып таштап, пайдалуу бөлүктөрүн көбөйтүү*); **обогати́ть руду́** кенди байытуу.

**ОБОГАТИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*разбогатеть*) баюу, бай болуу; **2.** *перен.* баюу; **страна́ обогати́лась но́выми ка́драми** өлкө жаңы кадрлар менен байыды; **3.** *горн.* (*об ископаемых*) байытылуу.

**ОБОГАЩА'ТЬ** *несов. см.* **обогати́ть.**

**ОБОГАЩА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **обогати́ться; 2.** *страд. к* **обогаща́ть.**

**ОБОГАЩЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) баюу, байытуу, бай болуу; **2.** *перен.* (*пополнение*) баюу, байытуу, бай болуу; **3.** *горн.* байытуу.

**ОБОГНА'ТЬ** *сов. кого-что, прям. и перен.* озуп кетүү; **обогна́ть велосипеди́ста** велосипедчиден озуп кетүү; **обогна́ть свои́х това́рищей по ку́рсу** өзү менен бир курсташ жолдошторунан озуп кетүү.

**ОБОГНУ'ТЬ** *сов. что* **1.** курчоо салуу, алкак салуу; **обогну́ть о́бруч вокру́г бо́чки** бочканы курчап алкак салуу; **2.** (*обойти кругом*) айланып өтүү; **обогну́ть дере́вню** кыштакты айланып өтүү.

**ОБОГОТВОРЕ'НИЕ** *ср.* **1.** кудай деп билүү, кудайындай көрүү, кудай деп эсептөө; **обоготворе́ние приро́ды** жаратылышты кудай деп билүү; **2.** *перен.* аздектөө, жанындай көрүү, өтө урматтап жакшы көрүү.

**ОБОГОТВОРИ'ТЬ** *несов. см.* **обоготворя́ть.**

**ОБОГОТВОРЯ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** кудай деп билүү, кудайындай көрүү, кудай деп эсептөө; **2.** *перен.* аздектөө, жанындай көрүү, өтө урматтап жакшы көрүү.

**ОБОГРЕ'В** *м.* жылытуу, ысытуу; **норма́льный обогре́в котла́** казандын нормалдуу ысышы.

**ОБОГРЕВА'НИЕ** *ср.* жылытуу, жылытылуу, ысытуу, ысытылуу; **равноме́рное обогрева́ние** бир калыпта жылытуу.

**ОБОГРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **обогре́ть.**

**ОБОГРЕВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **обогре́ться; 2.** *страд. к* **обогрева́ть.**

**ОБОГРЕ'ТЬ** *сов. кого-что* жылытуу, ысытуу; **обогре́ть кварти́ру** квартираны жылытуу.

**ОБОГРЕ'ТЬСЯ** *сов.* жылынуу, жылып калуу; **обогре́ться у костра́** отко жылынуу; **помеще́ние обогре́лось** үй жылып калды.

**О'БОД** *м.* **1.** (*у колеса*) алкак, тогун (*дөңгөлөктүн алкагы*); **2.** алкак (*бир нерсенин тегерек, алкак сыяктуу бөлүгү*); **о́бод бло́ка** блоктун алкагы; **о́бод решета́** калбырдын алкагы.

**ОБОДО'К** *м.* **1.** *уменьш. от* **о́бод** алкак; **2.** (*каёмка*) жээк, курбу; **золото́й ободо́к на блю́дце** табакчанын алтын жээги.

**ОБОДО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **ободо́чная цепь у автомоби́льных колёс** автомобиль дөңгөлөгүндөгү чынжыр алкак.

**ОБОДРА'НЕЦ** *м. см.* **оборва́нец.**

**ОБО'ДРАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **ободра́ть; 2.** *прил.* жыртылган; тамтыгы чыккан; сан-сан болгон.

**ОБОДРА'ТЬ** *сов. что* **1.** (*содрать*) сыйрып алуу, сыйрытып алуу; **ободра́ть кору́ с де́рева** жыгачтын кабыгын сыйрып алуу; **ободра́ть па́лец** бармагын сыйрытып алуу; **2.** *разг.* (*изорвать*) жыртуу, жыртып алуу, тытуу; **ободра́ть дива́н** диванды жыртып алуу; ◇ **ободра́ть как ли́пку** *разг.* пияз аарчыгандай кылуу (*такыр эштекесин калтырбай тоноп кетүү*).

**ОБОДРА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** сыйрылуу, сыйрылып алынуу; **2.** *разг.* (*изорваться*) жыртылуу, айрылуу, тытылуу.

**ОБОДРЕ'НИЕ** *ср.* көңүлүн көтөрүү, сергитүү; **слова́ ободре́ния** көңүл көтөрүү үчүн айтылган сөздөр.

**ОБОДРИ'ТЬ** *сов. кого* көңүлүн көтөрүү, кайрат берүү; **ободри́ть больно́го** оору кишинин көңүлүн көтөрүү.

**ОБОДРИ'ТЬСЯ** *сов.* көңүлү көтөрүлүү, кайраттануу, сергүү.

**ОБОДРЯ'ТЬ** *несов. см.* **ободри́ть.**

**ОБОДРЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **ободри́ться.**

**ОБОДРЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **ободря́ть; 2.** *прил.* көңүл көтөрүүчү, сергитүүчү; **ободря́ющая улы́бка** көңүлдү көтөрүүчү жылмайып күлүү.

**ОБОЕПО'ЛЫЙ,** -ая, -ое *биол.* эки урук мүчөлүү; **обоепо́лое размноже́ние** эки урук мүчөлүү көбөйүү; **обоепо́лый цвето́к** эки урук мүчөлүү гүл.

**ОБОЖА'НИЕ** *ср.* өтө жакшы көрүү, жанындай көрүү, аздектөө.

**ОБОЖА'ТЕЛЬ** *м. разг. шутл.* өтө жакшы көрүүчү, жанындай көрүүчү, аздектөөчү.

**ОБОЖА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **обожа́тель.**

**ОБОЖА'ТЬ** *несов. кого-что* өтө жакшы көрүү, жанындай көрүү, аздектөө.

**ОБОЖДА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* күтүү, күтө туруу, күтүп туруу.

**ОБОЖЕСТВИ'ТЬ** *сов. кого-что* кудай деп билүү, кудай деп таануу.

**ОБОЖЕСТВЛЕ'НИЕ** *ср.* кудайга айландыруу, кудай деп билүү.

**ОБОЖЕСТВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **обожестви́ть.**

**ОБОЖРА'ТЬСЯ** *сов. чем, груб.* ыксыз тоюу.

**ОБО'З** *м.* **1.** (*группа повозок с грузами*) обоз, жүктүү арабалардын тобу; **2.** *воен.* обоз (*войсколук бөлүктөргө караштуу машина, араба ж. б.*); **полково́й обо́з** полк обозу; **санита́рный обо́з** санитардык обоз.

www.bizdin.kg

**ОБОЗВА'ТЬ** *сов. кого-что* тилдөө, тилдеп айтуу, кордоо; **обозвáть лгунóм** калпычы деп айтуу, калпычы деп тилдөө.

**ОБОЗЛИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* ачуусун келтирүү, жинин келтирүү.

**ОБОЗЛИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* ачуулануу, жини келүү.

**ОБОЗНАВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **обознáться.**

**ОБОЗНА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жаңылыш таанык болуу.

**ОБОЗНАЧА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **обознáчить;** 2. *что* (*значить*) белгилөө, көрсөтүү; **бýква «х» в матемáтике обозначáет неизвéстную величинý «х»** тамгасы математикада белгисиз чоңдукту көрсөтөт.

**ОБОЗНАЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обознáчиться;** 2. *страд. к* **обозначáть.**

**ОБОЗНАЧЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) белгилөө, белгиленүү, белги салуу, белги салынуу; 2. (*знак*) белги, тамга; **услóвные обозначéния** шарттуу белгилер.

**ОБОЗНА'ЧИТЬ** *сов. что* 1. (*отметить*) белгилөө, белги салуу; **обознáчить на кáрте грани́цы** картанын бетинде чек араларды белгилөө; 2. (*сделать заметным*) белгилөө, белги салуу, көрсөтүп туруу; **худобá рéзко обознáчила скýлы** арыктыгы бетинин сөөктөрүн даана көрсөтүп турду.

**ОБОЗНА'ЧИТЬСЯ** *сов.* билинүү, билине баштоо, көрүнүү; **вдали́ обознáчились очертáния гор** алыстан тоолордун карааны көрүндү.

**ОБО'ЗНИК** *м.* обозник (*обоз айдаган киши*).

**ОБО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое *обоз-го т.*; **обóзные лóшади** обоз аттары.

**ОБОЗРЕВА'ТЕЛЬ** *м.* обозреватель (*бир нерсени карап көрүүчү жана да газета, журналды карап чыгып макала жазуучу*); **воéнный обозревáтель** согуштук обозреватель.

**ОБОЗРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **обозрéть.**

**ОБОЗРЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кароо, көрүү; **обозрéние мéстности** айланадагы жерлерди кароо; 2. (*обзор*) обозрение (*газетада, журналда бир маселенин айланасында жазылган макала*); **литератýрное обозрéние** адабияттык обозрение; **междунарóдное обозрéние** эл аралык обозрение; 3. (*пьеса*) обозрение (*тышкы көрүнүшү менен гана байланышкан айрым формадагы драмалык чыгарма*).

**ОБОЗРЕ'ТЬ** *сов. что* 1. (*осмотреть*) кароо, көрүү, карап көрүү; **обозрéть мéстность** айланадагы жерди карап көрүү; 2. *перен.* (*рассмотреть*) кароо, карап көрүү, карап чыгуу; **обозрéть фáкты** фактыларды карап көрүү, фактыларды кароо.

**ОБОЗРИ'МЫЙ,** -ая, -ое көз жеткен, көзгө көрүнгөн; **обозри́мое прострáнство** көз жеткен мейкиндик.

**ОБО'И** *только мн.* обой (*үйдүн стенасына жабыштырылуучу кооз кагаз*); **оклéить кóмнату обóями** бөлмөнү обой менен каптоо.

**ОБО'ЙМА** *ж.* обойма (1. *воен. винтовка, тапанчанын магазин кутусуна коюлуучу, патрондордун рамкасы*; 2. *тех. курулуштун, машинанын ж. б. бөлүктөрүн бириктирип жана кармап туруучу алкак түрүндөгү карматкычы*).

**обоймý, обоймёшь** *и т. д. разг. буд. вр. от* **обня́ть, объя́ть.**

**ОБО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **обои**-*ге т.*; обойлук; **обóйная маши́на** обой жасай турган машина; **обóйная бумáга** обойлук кагаз; **обóйные гвóзди** обойлук мык; **обóйные материáлы** обойлук материалдар (*каптаганда, чаптаганда жумшалуучу материалдар*); ◇ **обóйная мукá** кара буудайдын уну (*өзгөчө тартылган*).

**ОБОЙТИ'** *сов.* 1. *что* (*вокруг*) айланып өтүү; **обойти́ флáнг прóтивника** душмандын флангасын айланып өтүү; 2. *кого-что* (*пройти, побывать*) кыдырып чыгуу; **обойти́ всю дерéвню** кыштакты бүт кыдырып чыгуу; **обойти́ весь учáсток** участокту бүт кыдырып чыгуу; **обойти́ всех сотрýдников** кызматкерлердин баарын кыдырып чыгуу; 3. *кого-что, перен.* (*распространиться*) таралуу, жайылуу; **нóвость обошлá весь институ́т** жаңылык бүткүл институтка таралды; 4. *что, перен.* (*избежать*) айтпай кетүү, айтпай коюу, айтпай өтүп кетүү, качуу; **обойти́ щекотли́вый вопрóс молчáнием** кычыгына тийүүчү маселе жөнүндө айтпай коюу; **обойти́ затруднéние** кыйынчылыктан качуу; 5. *кого, разг.* (*опередить*) озуу, озуп кетүү, чыгуу (*мис. жарышта*); **обойти́** *кого-л.* **по слýжбе** кызматы боюнча *бирөөдөн* озуп кетүү.

**ОБОЙТИ'СЬ** *сов.* 1. *с кем-чем* (*поступить как-л.*) мамиле кылуу; кароо; **с ним хорошó обошли́сь** ага жакшы мамиле кылышты; 2. (*о стоимости*) туруу, түшүү (*бир нерсенин баасынын канча экендиги жөнүндө*); **костю́м обошёлся недóрого** костюм арзанга түштү; 3. *кем-чем, разг.* (*удовлетвориться*) ыраазы болуу, канааттануу, канаат кылуу, алымсынуу; **обойти́сь ста рубля́ми** жүз сомго алымсынуу; **обойти́сь имéющейся литератýрой** колдогу болгон адабияттар менен канааттануу; 4. (*без чего-л.*) -сыз эле туруу; **обойти́сь без телефóна** телефонсуз эле туруу; ◇ **всё обошлóсь** бардыгы дурус болду; **всё обошлóсь благополýчно** бардыгы ордунан чыкты.

**ОБО'ЙЩИК** *м.* обойщик (*мебель каптагыч уста*).

**ОБОКРА'СТЬ** *сов. кого-что* уурдап кетүү, уурдап алуу.

**ОБОЛГА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* ушактоо, ушак кылуу, жала жабуу.

**О'БОЛОНЬ** *ж. бот.* оболонь (*жыгачтын кабык астындагы жаш катмары*).

**ОБОЛО'ЧКА** *ж.* оболочка, кап, кабык, сырт, кыртыш; **оболóчка аэростáта** аэростаттын кабы; **слизи́стая оболóчка** *анат.* былжырлуу оболочка; **рáдужная оболóчка глáза** *анат.* көздүн карек айланасындагы чели.

**ОБО'ЛТУС** *м. бран.* келесоо, акмак.

**ОБОЛЬСТИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* азгыруучу, бузуку.

**ОБОЛЬСТИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* азгырыларлык, кызыгарлык, суктандырарлык.

**ОБОЛЬСТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое азгыргыч, алдап кызыктыргыч, алдап кумар кылгыч, суктандыргыч.

**ОБОЛЬСТИ'ТЬ** *сов. кого-что* азгыруу, алдап кызыктыруу, алдап кумар кылуу.

**ОБОЛЬСТИ'ТЬСЯ** *сов. чем* азгырылуу, алданып кызыгуу, кумар болуу.

**ОБОЛЬЩА'ТЬ** *несов. см.* **обольсти́ть.**

**ОБОЛЬЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обольсти́ться; обольщáться надéждами** үмүткө азгырылуу; 2. *страд. к* **обольщáть.**

**ОБОЛЬЩЕ'НИЕ** *ср.* азгырылуу, алданып кызыгуу, алданып кумар болуу.

**ОБОМЛЕ'ТЬ** *сов. разг.* жалдырап селдейип калуу, сөз айта албай катып калуу; **он обомлéл от ýжаса** ал коркконунан эчтеме айта албай селдейип калды.

**ОБОМШЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое мох баскан; **обомшéлые пни** мох баскан дүмүрлөр.

**ОБОМШЕ'ТЬ** *сов.* мох басуу; **пень обомшéл** дүмүрдү мох басты.

**ОБОНЯ'НИЕ** *ср.* жыт алуу, жыт билүү сезими; **тóнкое обоня́ние** жытты жакшы ажырата билгичтик.

**ОБОНЯ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **обоняние**-*ге т.*; **обоня́тельный нерв** жыт алуу (жыт билүү) нерви.

**ОБОНЯ'ТЬ** *несов. что* жыттоо, жыт алуу, жыт сезүү.

**ОБОРА'ЧИВАЕМОСТЬ** *ж.* 1. айланыш; **оборáчиваемость вагóнов** вагондордун айланышы; 2. *эк.* айланыш; **оборáчиваемость оборóтных средств** обороттук (оборотогу) каражаттардын айланышы.

**ОБОРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **оберну́ть.**

**ОБОРА'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оберну́ться;** 2. *страд. к* **оборáчивать.**

**ОБОРВА'НЕЦ** *м. разг.* самтырак (*жыртык кийимчен киши*).

www.bizdin.kg

**ОБО'РВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **оборва́ть; 2.** *прил.* самтыраган.

**ОБОРВА'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*оторвать*) үзүү, туш-тушунан үзүү, үзүп таштоо, жулуу, жулуп таштоо; **оборва́ть лепестки́ у цветка́** гүлдүн желекчелерин жулуп таштоо; **2.** *что* (*разорвать*) үзүп алуу, үзүп таштоо; **оборва́ть ни́тку** жипти үзүп алуу; **3.** *что, перен.* (*прекратить*) тык токтотуу; **оборва́ть речь** сүйлөп жаткан сөздү тык токтотуу; **4.** *кого, перен. разг.* (*заставить замолчать*) кагып сөзүн токтотуу; **оборва́ть спо́рщика** талашкан кишини кагып, анын сөзүн токтотуу.

**ОБОРВА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*порваться*) үзүлүү, үзүлүп кетүү; **верёвка оборвала́сь** жип үзүлүп кетти; **2.** (*упасть*) учуп кетүү, кулап кетүү; **оборва́ться со скалы́** аскадан учуп кетүү; **3.** (*сразу прекратиться*) үзүлүп токтолуу; **пе́сня оборвала́сь** ыр үзүлүп токтолду; **му́зыка оборвала́сь** музыка үзүлүп токтолду.

**ОБО'РВЫШ** *м. разг.* самтырак (*жыртык кийимчен киши*).

**ОБО'РКА** *ж.* бүйүрмө; **пла́тье с обо́рками (в обо́рку)** бүйүрмөлүү көйнөк.

**ОБОРО'НА** *ж.* **1.** (*действие*) коргоо, коргонуу; **акти́вная оборо́на** активдүү коргонуу; **перейти́ от оборо́ны к наступле́нию** коргонуудан чабуулга өтүү; **2.** коргоо, коргонуу; **крепи́ть оборо́ну страны́** өлкөнү коргоону чыңдоо; **противовозду́шная оборо́на** абадан кол салууга каршы коргонуу; **противота́нковая оборо́на** танкыга каршы коргонуу; **противохими́ческая оборо́на** химиялык кол салууга каршы коргонуу; **3.** (*система оборонительных сооружений*) коргонуу чеби; **прорва́ть оборо́ну врага́** душмандын коргонуу чебин бузуу; **вклини́ться в оборо́ну проти́вника** душмандын коргонуу чебинин ичине кирүү.

**ОБОРО'НЕЦ** *м. полит. уст.* коргонуучу, коргонууну жактоочу.

**ОБОРОНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **оборона**-*га т.*; **оборони́тельная та́ктика** коргонуу тактикасы; **оборони́тельный рубе́ж** коргонуу чеги; **оборони́тельные сооруже́ния** коргонуу курулуштары.

**ОБОРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **оборона**-*га т.*; **оборо́нная промы́шленность** коргоо өнөр жайы; **оборо́нный заво́д** коргоо заводу.

**ОБОРОНОСПОСО'БНОСТЬ** *ж.* коргоого жөндөмдүүлүк (жарамдуулук), коргонууга жөндөмдүүлүк (жарамдуулук); **укрепле́ние обороноспосо́бности страны́** өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо.

**ОБОРОНОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое коргоого жөндөмдүү (жарамдуу), коргонууга жөндөмдүү (жарамдуу).

**ОБОРО'НЧЕСТВО** *ср. полит. уст.* коргонуучулук (*II Интернационал партияларынын дүйнөлүк биринчи согуш кезинде жумушчулар табынын таламдарына чыккынчылык саясаты, бул саясаттын мазмуну — өз өлкөсүнүн буржуазиясынын империалисттик таламдарын жактоо*).

**ОБОРОНЯ'ТЬ** *несов. кого-что* коргоо; **обороня́ть кре́пость** чепти коргоо.

**ОБОРОНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** коргонуу; **2.** *страд. к* **обороня́ть.**

**ОБОРО'Т** *м.* **1.** (*полный круг вращения*) айлануу, айланып чыгуу, тегеренүү; **оборо́т колеса́** дөңгөлөктүн айланышы; **2.** (*обращение, употребление*) колдонуу, пайдалануу; **ввести́** *что-л.* **в оборо́т** *бир нерсени* колдонууга киргизүү; **3.** (*отдельная стадия*) алмашуу; **оборо́т полевы́х культу́р** талаа өсүмдүктөрүнүн алмашуусу; **4.** (*движение туда и обратно*) оборот (*барып кайта келүү*); **оборо́т ваго́нов** вагондордун обороту (*барып кайта келиши*); **5.** *эк.* оборот, жүгүртүлүш; **оборо́т капита́ла** капиталдын жүгүртүлүшү; **годово́й оборо́т предприя́тия** ишкананын жылдык обороту; **торго́вый оборо́т** соода обороту (жүгүртүлүшү); **6.** (*оборотная сторона*) арт жак, арты; **сде́лать на́дпись на оборо́те** арт жагына жазуу; **7.** *тех.* (*изгиб, колено*) оборот (*бир нерсенин бүгүлгөн, бурулган жери*); **в трубе́ три оборо́та** трубада үч оборот бар; **8.** *перен.* (*направление*) жак, түр, багыт; **де́ло при́няло плохо́й оборо́т** иш жаман жагына айланды; **9.** (*выражение*) айтуу, айтылуу; **пра́вильный оборо́т ре́чи** речтин туура айтылган түрү; **дееприча́стный оборо́т** *грам.* чакчыл оборот; ◇ **взять в оборо́т** *разг.* тезге салуу, куйругун буроо.

**О'БОРОТЕНЬ** *м. фольк.* кубулма киши (*жомокто, мифологияда — айбан же бир нерсенин түрүнө кубулуп кетүүчү киши*).

**ОБОРО'ТИСТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* эпчил (*көбүнчө соодада*).

**ОБОРОТИ'ТЬ** *сов. разг. см.* **оберну́ть** 3, 5.

**ОБОРОТИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **оберну́ться** 1, 6.

**ОБОРО'ТЛИВОСТЬ** *ж.* эпчилдик.

**ОБОРО'ТЛИВЫЙ,** -ая, -ое эпчил, эптүү.

**ОБОРО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **оборот** 4—7-*ге т.*; обороттук; **оборо́тные сре́дства** жүгүртмө каражаттар; **оборо́тный капита́л** обороттук капитал; **на оборо́тной стороне́ листа́** барактын арткы бетинде; ◇ **оборо́тная сторона́** тескери жагы, жаман жагы.

**ОБОРУ'ДОВАНИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) жабдуу; **2.** жабдуулар, шаймандар (*машиналар, механизмдер ж. б.*); **получи́ть но́вое обору́дование** жаңы жабдуулар алуу; **обору́дование лаборато́рий** лабораториялардын жабдуулары.

**ОБОРУ'ДОВАТЬ** *сов. и несов. что* жабдуу, шаймандоо; **обору́довать заво́д совреме́нной те́хникой** заводду азыркы техника менен жабдуу; **обору́довать хими́ческий кабине́т** химия кабинетин жабдуу.

**ОБОСНОВА'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) негиздөө, негизделүү; **2.** (*довод*) негиз; **серьёзное обоснова́ние** олуттуу негиз.

**ОБОСНО'ВАННОСТЬ** *ж.* негизделгендик, негиздүүлүк; **нау́чная обосно́ванность вы́водов** корутундулардын илимий жактан негизделгендиги.

**ОБОСНО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **обоснова́ть; 2.** *прил.* негизделген, негиздүү; **обосно́ванное заключе́ние** негизделген тыянак.

**ОБОСНОВА'ТЬ** *сов. что* негиздөө; **обоснова́ть своё мне́ние** өзүнүн пикирин негиздөө.

**ОБОСНОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* орундашуу, жайлашуу, туруп калуу; **обоснова́ться на но́вом ме́сте** жаңы орунда жай алып туруп калуу; **обоснова́ться в но́вом до́ме** жаңы үйдө орношуп туруп калуу.

**ОБОСНО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **обоснова́ть.**

**ОБОСНО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **обоснова́ться; 2.** *страд. к* **обосно́вывать.**

**ОБОСО'БИТЬ** *сов. кого-что* обочолотуу, бөлүп чыгаруу, бөлөктөтүү, четтетүү.

**ОБОСО'БИТЬСЯ** *сов.* обочолонуу, бөлүнүү, четтөө.

**ОБОСОБЛЕ'НИЕ** *ср.* обочолоо, обочолотуу, четтөө, четтетүү.

**ОБОСО'БЛЕННОСТЬ** *ж.* обочологондук, четтегендик.

**ОБОСО'БЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **обосо́бить; 2.** *прил.* обочо, обочолонгон, обочолотулган, бөлөк; **обосо́бленное положе́ние** обочолотулган абал.

**ОБОСОБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **обосо́бить.**

**ОБОСОБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **обосо́биться; 2.** *страд. к* **обособля́ть.**

**ОБОСТРЕ'НИЕ** *ср.* курчуу, күчөө, күч алуу; кыйындоо; **обостре́ние боле́зни** оорунун күчөшү; **обостре́ние противоре́чий** карама-каршылыктардын курчушу.

**ОБОСТРЁННОСТЬ** *ж.* **1.** курчугандык; **обострённость слу́ха** угуу сезиминин курчугандыгы; **2.** (*напряжённость*) курчугандык; **обострённость междунаро́дного положе́ния** эл аралык абалдын курчугандыгы; **обострённость ли́чных отноше́ний** өз ара мамилелерин курчугандыгы.

**ОБОСТРЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **обостри́ть; 2.** *прил.* (*повышенно чувствительный*) сезгичтиги күчөгөн, сезгичтиги жогорулаган, курчуган; **обострённый слух**

www.bizdin.kg

угуу жогорулаган сезими; **обострённое обоня́ние** жогорулаган жыт алуу сезими; 3. *прил.* (*напряжённый, неприязненный*) курчуган; **обострённая обстано́вка** курчуган абал.

**ОБОСТРИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*сделать более восприимчивым*) курчутуу; **обостри́ть зре́ние** көздүн курчтугун күчөтүү; 2. (*сделать более напряжённым*) курчутуу, күчөтүү; **обостри́ть отноше́ния** *с кем-л. бирөө менен* болгон мамилени курчутуу.

**ОБОСТРИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о чертах лица*) азып калуу; **лицо́ обостри́лось** өңү азып калыптыр; 2. (*стать восприимчивее*) курчуу, курчуп калуу, сезими жогорулоо; **зре́ние обостри́лось** көз курчуду; 3. (*стать более напряжённым, тяжёлым*) курчуу, күчөө, күч алуу, күчөп кетүү; **боле́знь обостри́лась** оору күчөдү; 4. курчуу; **отноше́ния обостри́лись** мамилелер курчуду.

**ОБОСТРЯ'ТЬ** *несов. см.* **обостри́ть.**

**ОБОСТРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обостри́ться;** 2. *страд. к* **обостря́ть.**

**ОБО'ЧИНА** *ж.* чет, жолдун чети; **е́хать обо́чиной доро́ги** жолдун чети менен жүрүү (*машинага түшүп, арабага түшүп же атчан*).

**ОБОЮ'ДНОСТЬ** *ж.* эки жакка бирдейлик, эки жакка теңдик; **обою́дность интере́сов** мүдөөлөрдүн эки жакка бирдейлиги.

**ОБОЮ'ДНЫЙ,** -ая, -ое эки жакка бирдей, эки жакка тең; **по обою́дному соглаше́нию** эки жактын келишүүсү боюнча.

**ОБОЮДОВЫ'ГОДНЫЙ,** -ая, -ое эки жакка тең (бирдей) пайдалуу; **обоюдовы́годные усло́вия** эки жакка тең (бирдей) пайдалуу шарттар.

**ОБОЮДОО'СТРЫЙ,** -ая, -ое 1. эки жагы тең миздүү; **обоюдоо́стрый меч** эки жагы тең миздүү кылыч; 2. *перен.* эки учтуу; **обоюдоо́стрый до́вод** эки учтуу далил.

**ОБРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **обрабо́тать.**

**ОБРАБА'ТЫВАЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **обраба́тывать;** 2. *прил.:* **обраба́тывающая промы́шленность** иштеп чыгаруучу өнөр жай.

**ОБРАБО'ТАТЬ** *сов.* 1. *что* иштетүү, иштеп (жасап) чыгаруу, иштеп даяр кылуу, тазалоо; **обрабо́тать ко́жу** терини иштеп чыгаруу; **обрабо́тать зе́млю** жерди иштетүү; **обрабо́тать ра́ну** жараны тазалоо; **обрабо́тать статью́** макаланы иштеп даяр кылуу; 2. *кого-что, перен. прост.* (*воздействовать*) көндүрүү, өзүнө көндүрүп алуу, өзүнө тартып алуу.

**ОБРАБО'ТКА** *ж.* 1. (*действие*) иштетүү, иштеп (жасап) чыгуу, иштеп даяр кылуу, тазалоо; **обрабо́тка мета́лла** металл иштетүү; **обрабо́тка ру́кописи** кол жазманы иштеп чыгуу; 2. (*результат действия*) иштелип чыгарылган нерсе; **ска́зки Пу́шкина — обрабо́тки наро́дных сюже́тов** Пушкиндин жомоктору — элдик сюжеттердин негизинде иштелип чыгарылган чыгармалар.

**ОБРА'ДОВАТЬ** *сов. кого* кубантуу, кубандыруу, сүйүнтүү.

**ОБРА'ДОВАТЬСЯ** *сов.* кубануу, сүйүнүү; **обра́доваться встре́че** кезиккенине сүйүнүү.

**О'БРАЗ** I *м.* (*мн.* **о́бразы**) 1. (*облик*) кейип, кебете, түр; **потеря́ть челове́ческий о́браз** адам кейпин жоготуу; 2. (*изображение*) образ, сүрөт, элес, сөлөкөт; **све́тлые о́бразы бу́дущего** келечектин жарык элеси; **худо́жественные о́бразы** көркөм элестер; 3. (*способ, порядок чего-л.*) түр, жол; **о́браз жи́зни** жашоо түрү; **о́браз мы́слей** ойлонуу жолдору; **о́браз де́йствия** аракет жолу; ◇ **гла́вным о́бразом** көбүнчө, негизинен; **ра́вным о́бразом** дал эле ошондой, баары бир; **реши́тельным о́бразом** чечкиндүү түрдө; **таки́м о́бразом** демек, ошентип, ошенетип; **каки́м о́бразом** кантип, кандайча, кандайча кылып.

**О'БРАЗ** II *м.* (*мн.* **образа́**) *церк.* (*икона*) икона (*чиркөөдөгү сүрөт; солуя же пайгамбардын сүрөтү*).

**ОБРАЗЕ'Ц** *м.* 1. мисал, үлгү; **образцы́ бума́ги** кагаздын үлгүсү; **предста́вить образцы́** үлгүлөрүн берүү; **приня́ть за образе́ц** үлгү катарында кабыл алуу; 2. (*пример*) үлгү; **образе́ц му́жества** эрдиктин үлгүсү; **служи́ть образцо́м** үлгү болуу; 3. (*устройство, вид*) түр, түзүлүш; **винто́вка нове́йшего образца́** эң жаңы түрдөгү винтовка; **тка́ни но́вых образцо́в** жаңы түрдөгү кездемелер.

**ОБРАЗИ'НА** *ж. прост.* түрү суук, жаман өң.

**О'БРАЗНО** *нареч.* образдуу кылып, сүрөттөп, коөздоп, көркөмдөп; **о́бразно показа́ть** образдуу кылып көрсөтүү; **говори́ть о́бразно** сүрөттөп (коөздоп) сүйлөө.

**О'БРАЗНОСТЬ** *ж.* сүрөттүүлүк, образдуулук, көркөмдүүлүк; **о́бразность наро́дной ре́чи** элдик речтин образдуулугу.

**О'БРАЗНЫЙ,** -ая, -ое образдуу, сүрөттүү, коөз, көркөм; **о́бразная речь** образдуу речь.

**ОБРАЗОВА'НИЕ** I *ср.* 1. (*действие*) түзүү; **образова́ние избира́тельных округо́в** шайлоо округдарын түзүү; 2. (*результат процесса*) пайда болуш, келип чыгуу; **образова́ние го́рных поро́д** тоо породаларынын пайда болушу; **жировы́е образова́ния** *анат.* майдын пайда болушу.

**ОБРАЗОВА'НИЕ** II *ср.* 1. (*просвещение*) маалымат (билим) алуу, билим берүү, агартуу; **наро́дное образова́ние** эл агартуу; 2. (*совокупность знаний*) маалымат, билим; **вы́сшее образова́ние** жогорку билим; **сре́днее образова́ние** орто билим; **ни́зшее образова́ние** төмөнкү билим; **специа́льное образова́ние** атайын билим; **полити́ческое образова́ние** саясий маалымат (билим).

**ОБРАЗО'ВАННОСТЬ** *ж.* маалыматтуулук, билимдүүлүк.

**ОБРАЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **образова́ть** I; 2. *прил.* маалыматтуу, билимдүү; **образо́ванный челове́к** билимдүү киши.

**ОБРАЗОВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое маалымат (билим) берүүчү; ◇ **образова́тельный ценз** маалымат цензи (*билиминин көлөмү; бул көлөм кандайдыр бир окуу жайын бүтүрүү менен аныкталат*).

**ОБРАЗОВА'ТЬ** I *сов. и в формах наст. вр. несов. что* 1. (*составить*) окшоо; түзүү; **пруды́ образу́ют по фо́рме бу́кву «П»** көлмөлөр форма жагынан «П» тамгасына окшойт; 2. (*создать*) түзүү; **образова́ть коми́ссию** комиссия түзүү.

**ОБРАЗОВА'ТЬ** II *сов. и в формах наст. вр. несов. кого-что, уст.* (*дать образование*) маалымат берүү, билим берүү.

**ОБРАЗОВА'ТЬСЯ** *сов. и в формах наст. вр. несов.* 1. келип чыгуу; пайда болуу; **от взры́ва образова́лась воро́нка** жарылуудан воронка пайда болду; 2. (*организоваться*) жасалуу; түзүлүү; **образова́лась но́вая коми́ссия** жаңы комиссия түзүлдү.

**ОБРАЗО'ВЫВАТЬ** I *несов. см.* **образова́ть** I.

**ОБРАЗО'ВЫВАТЬ** II *несов. см.* **образова́ть** II.

**ОБРАЗО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **образова́ться;** 2. *страд. к* **образо́вывать** I.

**ОБРАЗУ'МИТЬ** *сов. кого-что, разг.* акылына (эсине) келтирүү, акылына (эсине) киргизүү; **образу́мить шалуна́** тентекти эсине келтирүү.

**ОБРАЗУ'МИТЬСЯ** *сов. разг.* акыл (эс) кирүү, акылына (эсине) кирүү; **с во́зрастом он образу́мился** ал чоңойгондон кийин акылына кирип калды.

**ОБРАЗЦО'ВО** *нареч.* үлгүлүү, үлгү болгудай кылып; **образцо́во вести́ хозя́йство** чарбаны үлгү болгудай кылып алып жүрүү; **образцо́во провести́ сев** эгин айдоону үлгүлүү өткөрүү.

**ОБРАЗЦО'ВЫЙ,** -ая, -ое үлгүлүү, үлгү болордук, үлгү болгудай; **образцо́вый поря́док** үлгү болордук тартип; **образцо́вое хозя́йство** үлгүлүү чарба; **образцо́вая организа́ция труда́** эмгекти үлгү болордук кылып уюштуруу.

www.bizdin.kg

**ОБРА'ЗЧИК** *м.* 1. (*образец*) кесинди үлгү (*кездеменин кыйкымы*); **обрáзчик шёлка** жибектин кесинди үлгүсү; 2. *перен.* (*пример*) үлгү.

**ОБРА'МИТЬ** *сов. что* рамкалоо, рамкага коюу (салуу); **обрáмить портрéты** портреттерди рамкага коюу.

**ОБРАМЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) рамкалоо, рамкалануу, рамкага коюу (салуу), рамкага салынуу; 2. рамка (*бир нерсени айландырылган кооздук*); **красúвое обрамлéние портрéта** портреттин кооз рамкасы.

**ОБРАМЛЯ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **обрáмить**; 2. *что* (*окаймлять*) каптоо, басуу, курчоо; **её лицó красúво обрамлялú вьющиеся вóлосы** анын бетин тармал чачтары тагынакай кылып тегерете курчап турду.

**ОБРАСТА'НИЕ** *ср.* басуу, бастыруу; **обрастáние жúром** май басуу.

**ОБРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **обрастú.**

**ОБРАСТИ'** *сов. чем* 1. басуу; **обрастú бородóй** сакал басуу; 2. *перен.* кураштырып өстүрүү; **обрастú хозяйством** өзүнүн чарбасын кураштырып өстүрүү; ◇ **обрастú грязью** абдан кир болуу.

**ОБРА'Т** *м.* обрат (*машинага тартылып, майы алынган сүт*).

**ОБРАТИ'МОСТЬ** *ж.* кайра өзүнүн баштагы калыбына (абалына) келиши; **обратúмость химúческих реáкций** химиялык реакциялардын кайра баштагы абалына келиши; **обратúмость валюты** *эк.* валютанын кайра баштагы өз баасына келиши.

**ОБРАТИ'МЫЙ**, -ая, -ое кайра өзүнүн баштагы калыбына (абалына) келүүчү; **обратúмые реáкции** кайра өзүнүн баштагы калыбына келүүчү реакциялар.

**ОБРАТИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*повернуть*) каратуу; **обратúть орýдия на неприятеля** замбиректин оозун душманга каратуу; 2. (*устремить, направить*) кароо, карап туруу, буруу; **обратúть глазá на сцéну** сахнаны кароо; **обратúть внимáние** *на что-л.* *бир нерсеге* көңүл буруу; 3. (*превратить*) айландыруу; **обратúть вóду в пар** сууну бууга айландыруу; **обратúть пустыню в цветýщий сад** ээн талааны гүлдөгөн бакка айландыруу; **обратúть дéло в шýтку** ишти тамашага айландыруу; 4. (*употребить*) жумшоо; **обратúть часть дохóдов колхóза на оборýдование** колхоздун доходдорунун бир бөлүгүн жабдууларга жумшоо; ◇ **обратúть в бéгство** качыруу, качууга аргасыз кылуу; **обратúть на путь úстинный** *шутл.* жакшы жолго салуу, жакшы жолго үндөп көндүрүү.

**ОБРАТИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*повернуться*) буруу, бурулуу; **обратúться лицóм к свéту** жүзүн жарыкка буруу; 2. (*превратиться*) айлануу; **водá обратúлась в пар** суу бууга айланды; 3. *к кому-чему* кайрылуу; **обратúться к врачý** врачка кайрылуу; **обратúться в месткóм** месткомго кайрылуу; **обратúться к собрáвшимся** чогулгандарга кайрылуу; **обратúться с вопрóсом** суроо менен кайрылуу; ◇ **обратúться в бéгство** баш аламан качып кетүү.

**ОБРА'ТНО** *нареч.* 1. (*назад*) кайта, кайра; **пойтú обрáтно** кайта баруу; **тудá и обрáтно** анда барып жана кайра келүү; **билéт тудá и обрáтно** анда барып жана кайра келүүгө жарай турган билет; 2. *разг.* (*наоборот*) тескерисинче, тескери; ◇ **обрáтно пропорционáльный** *мат.* тескери пропорциялуу.

**ОБРА'ТНЫЙ**, -ая, -ое 1.: **на обрáтном путú** кайтышта; **с обрáтным пóездом** кайта келүүчү поездде, кайта келүүчү поезд менен; **автомобúль дал обрáтный ход** автомобиль артын карай жүрдү; 2. (*оборотный*) арт жак, арткы; **на обрáтной сторонé листá** барактын арт жакты бетинде; 3. (*противоположный*) тескери, карама-каршы; **обрáтный смысл** тескери маани; **оказáть обрáтное дéйствие** тескери таасир кылуу; ◇ **обрáтное дéйствие закóна** *юр.* закондун тескери таасир кылышы (*жарыяланганга чейинки убакыт үчүн да күчү бар*); **обрáтная пропорционáльность** *мат.* тескери пропорциялуулук.

**ОБРАЩА'ЕМОСТЬ** *ж.* жүгүртүлүш, өтүш, өтүп туруш; **высóкая обращáемость книг в библиотéке** китепканада китептердин колдон-колго абдан көп өтүп турушу.

**ОБРАЩА'ТЬ** *несов. см.* **обратúть.**

**ОБРАЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **обратúться;** 2. (*двигаться, вращаться*) айлануу, тегеренүү; **кровь обращáется по кровенóсной систéме** кан кан жүгүрүү системасы боюнча айланат; 3. *перен. эк.* айлануу, жүгүрүү; 4. *с кем-чем* (*обходиться*) мамиле кылуу; **хорошó обращáться с детьмú** балдарга жакшы мамиле кылуу; 5. *с чем* (*пользоваться*) урунуу, уруна билүү, тута билүү; **осторóжно обращáться с прибóрами** приборлорду этияттык менен урунуу.

**ОДАРЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **одари́ть**; 2. *прил.* зээндүү, идректүү, шыктуу, жөндөмдүү, таланттуу; **одарённый человéк** жөндөмдүү (талантту) киши.

**ОДА'РИВАТЬ** *несов. см.* **одари́ть** 1.

**ОДАРИ'ТЬ** *сов. кого чем* 1. сыйлоо, сый кылып берүү, тартуу, тартуу кылып берүү; **одари́ть детéй игрýшками** балдарга сый кылып оюнчук берүү; 2. *перен.* абдан көп (мол) берүү (*энчи кылып берүү, бөлүп берүү*); **прирóда щéдро одари́ла егó** жаратылыш ага жөндөмдүүлүктү абдан мол берген.

**ОДАРЯ'ТЬ** *несов. см.* **одари́ть**.

**ОДЕВА'НИЕ** *ср.* кийинүү; кийинтүү, кийгизүү.

**ОДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **одéть**.

**ОДЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **одéться**; 2. кийинүү; **прóсто одевáться** жөнөкөй кийинүү; **умéть одевáться** кийинүүнү билүү; 3. *страд. к* **одевáть**.

**ОДЕ'ЖДА** *ж.* 1. кийим; **зи́мняя одéжда** кыштык кийим; **вéрхняя одéжда** сырт кийим; **фóрменная одéжда** формалуу кийим; 2. (*покрытие дороги*) жолдун бети (үстү); **асфáльтовая одéжда мостовóй** жолдун асфальт бети; **гудрóновая одéжда шоссéйной дорóги** шоссе жолунун гудрон бети.

**ОДЁЖКА** *ж. уменьш. от* **одéжда** кийим; ◇ **по одёжке протя́гивай нóжки** *посл.* жылкыңа карап ышкыр.

**ОДЕКОЛО'Н** *м.* одеколон; **тройнóй одеколóн** тройной одеколон; **цветóчный одеколóн** гүлдөн жасалган одеколон.

**ОДЕКОЛО'ННЫЙ**, -ая, -ое **одеколон**-*го т.*

**ОДЕЛИ'ТЬ** *сов. кого чем* бөлүштүрүп берүү.

**ОДЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **одели́ть**.

**ОДЁР** *м. разг.* 1. картайып күчү кеткен арык ат; 2. *перен.* өтө арык, тыржыйган киши.

**ОДЁРГИВАТЬ** *несов. см.* **одёрнуть**.

**ОДЕРЕВЕНЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое жыгач болуп катып калган, сенек болуп калган, ийкемсиз болуп калган; **одеревенéлые пáльцы** сенек болуп калган бармактар.

**ОДЕРЕВЕНЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*затвердеть*) сенейип катып калуу; 2. (*потерять чувствительность*) эч нерсени сезбей калуу; **пáльцы одеревенéли от хóлода** бармактары тоңуп эч нерсени сезбей калды.

**ОДЕРЖА'ТЬ** *сов.*: **одержáть побéду** жеңүү, үстөм келүү; **одержáть верх** *над кем-л.* *бирөөнү* жеңүү.

**ОДЕ'РЖИВАТЬ** *несов. см.* **одержáть**.

**ОДЕРЖИ'МОСТЬ** *ж.* оопайлык, жиндилик.

**ОДЕРЖИ'МЫЙ**, -ая, -ое 1. таасири астындагы (*бир нерсенин, мис. идеянын*); 2. *в знач. сущ. м., ж.* оопай, жинди.

**ОДЁРНУТЬ** *сов.* 1. *что* тартып оңдоо, тартып түзөтүү; **одёрнуть гимнастёрку** гимнастёрканы тартып оңдоо; 2. *кого, перен. разг.* кагып коюу, силкип таштоо; **одёрнуть нахáла** уятсыз кишини кагып коюу.

**ОДЕ'ТЫЙ**, -ая, -ое кийинген, кийимчен.

**ОДЕ'ТЬ** *сов. кого-что* кийиндирүү, кийинтүү, кийгизүү; **одéть ребёнка** баланы кийинтүү; **одéть всю семью́** бүткүл үй-бүлөнү кийинтүү.

**ОДЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. кийинүү; **тепло́ одéться** жылуу кийинүү; **одéться во всё нóвое** баштан аяк жаңы кийим кийинүү; 2. (*приобрести одежду*) жаңы кийим алуу; **вся семья́ одéлась и обýлась** үй-бүлө бүт баштан аяк кийинди; 3. *перен.* (*покрыться*) каптоо, жабуу; **дерéвья одéлись листвóй** бактардын жалбырагы чыкты, бактар жалбыракка бөлөндү; **веснóй земля́ одéлась зелёным коврóм** жазында жер бети жашыл килем менен капталды.

**ОДЕЯ'ЛО** *ср.* одеял; жууркан; **стёганое одея́ло** жууркан; **бáйковое одея́ло** байка одеял; **шерстянóе одея́ло** жүн одеял.

**ОДЕЯ'НИЕ** *ср. уст. ирон.* кийим; **богáтое одея́ние** кымбат кийим; **стрáнное одея́ние** укмуштуу кийим; **смешнóе одея́ние** киши күлгүдөй кийим.

**ОДИ'Н** *м.* 1. *числ.* (*число*) бир; **из десяти́ вы́честь оди́н** ондон бирди алып таштоо; 2. *числ.* (*количество*) бир, жалгыз; **собрáние сочинéний в однóм тóме** бир том кылып чыгарылган чыгармалар жыйнагы; **оди́н раз** 1) бир жолу, бир мертебе; 2) (*однажды*) бир күнү, бир кезде, бир мезгилде, бир убакта; 3. *прил.* (*без других, в отдельности*) жалгыз, жеке; **он мóжет э́то сдéлать оди́н** ал муну жалгыз иштей алат; **одномý емý не спрáвиться** жалгыз анын колунан келбейт; **я живý оди́н** мен жалгыз турам; **оди́н в пóле не вóин** *посл.* жалгыз аттын чаңы чыкпайт; 4. *мест.* (*какой-то, некий*) бир (*белгисиз*); **емý сказáл об э́том оди́н человéк** бул жөнүндө ага бир киши айтыптыр; **оди́н из выступáвших** чыгып сүйлөгөндөрдүн бири; **в оди́н прекрáсный день** бир күнү; 5. *прил.* (*тот же самый*) бирдей, бир, бирге, тең; **одногó размéра** бирдей чоңдукта, размери бирдей; **одногó вóзраста** жашы тең; **э́то однá компáния** булар бир компания; **жить** *с кем-л.* **в однóм дóме** *бирөө менен* бир үйдө туруу; 6. *мест.* (*только, исключительно*) жалаң гана, жеке гана; **вы оди́н мóжете э́то сдéлать** муну жалгыз гана сиз иштей аласыз; **он рабóтает с однóй молодёжью** ал жалаң гана жаштар менен иштейт; **от негó одни́ неприя́тности** андан жалаң гана жаман нерсе келип чыгат; 7. *мест.* (*какой-л. в ряду сходных*) бир, бирөө; **то оди́н, то другóй** биринен сала бири; **оди́н за други́м** биринин артынан бири; ◇ **оди́н-еди́нственный** жападан жалгыз, жалгыз гана, бирөө эле; **оди́н-одинёшенек** жап-жалгыз, жалгыздан-жалгыз; **всё однó** *разг.* баары бир; **все до одногó** бири калбай, баары бүт бойдон; **все как оди́н** баары тең бирдей; **одни́м дýхом** *или* **в оди́н миг** көз ачып жумганча; **в оди́н гóлос** бир добуштан; **однó к одномý** биринен сала бири; сүйлөшүп койгондой; **оди́н на оди́н** жекеме-жеке; **одни́м слóвом** *вводн. сл.* бир сөз менен айтканда.

**ОДИНА'КОВО** *нареч.* бирдей, окшош; **одинáково одевáть детéй** балдарды бирдей (окшош) кийиндирүү.

**ОДИНА'КОВЫЙ**, -ая, -ое бирдей, окшош, тең; **одинáковые взгля́ды** бирдей көз караштар; **они́ одинáкового рóста** алардын бойлору тең; **в одинáковой мéре** бир, катар.

**ОДИНА'РНЫЙ**, -ая, -ое бир кабат, жалаң кабат.

**ОДИ'ННАДЦАТЫЙ**, -ая, -ое *числ.* он биринчи.

**ОДИ'ННАДЦАТЬ** *числ.* он бир.

**ОДИНО'КИЙ**, -ая, -ое 1. жалгыз; **одинóкий дом** жалгыз үй; 2. үй-бүлөсү, ага-тууганы жок жалгыз; **одинóкий человéк** үй-бүлөсү, ага-тууганы жок жалгыз киши; 3. *в знач. сущ. м., ж.* (*холостяк*) бойдок.

**ОДИНО'КО** *нареч.* жалгыз; **жить одинóко** жалгыз туруу.

**ОДИНО'ЧЕСТВО** *ср.* жалгыздык, жалгызчылык; **жить в одинóчестве** жалгыз туруу; **не люби́ть одинóчества** жалгыздыкты жаман көрүү.

**ОДИНО'ЧКА** 1. *м. и ж.* жеке, жалгыз, бирин-серик; **кустáрь-одинóчка** жеке кустарь; 2. *ж. разг.* (*одиночная камера*) одиночка (*бир гана киши камалуучу камера*); ◇ **мать-одинóчка** эрсиз калган балалуу аял.

**ОДИНО'ЧНЫЙ**, -ая, -ое 1. бириндеген; **одинóчный полёт** бириндеген учуш, бир-бирден учуу; 2. (*для одного*) жалгыз, бир кишилик; **одинóчное заключéние** жалгыз камоо; **одинóчная кáмера** бир кишилик камера; 3. (*отдельный*) бирин-серин, анда-санда; **одинóчные вы́стрелы** анда-санда атылган мылтыктын үнү.

**ОДИО'ЗНОСТЬ** *ж.* одиоздук (*суук көрүнгөндүк; арты чуулуулук*).

www.bizdin.kg

**ОДИО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое одноздуу (*суук көрүнгөн; арты* *өдүү*); **одио́зная ли́чность** одноздуу киши.

**ОДИЧА'ВШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **одича́ть;** 2. *прил.* жапайы болуп кеткен, жапайы болуп калган.

**ОДИЧА'ЛОСТЬ** *ж.* жапайы болуп кеткендик, жапайы болуп калгандык.

**ОДИЧА'ЛЫЙ,** -ая, -ое жапайы болуп калган, жапайы болуп кеткен; **одича́лая соба́ка** жапайы болуп калган ит.

**ОДИЧА'НИЕ** *ср.* жапайы болуп кетүү, жапайы болуп калуу.

**ОДИЧА'ТЬ** *сов.* жапайы болуп кетүү, кийик болуп кетүү.

**ОДНА'** *женск. р. к* **оди́н.**

**ОДНА'ЖДЫ** *нареч.* 1. (*как-то раз*) бир убакта, бир күнү; **одна́жды ле́том** жайында бир күнү; 2. (*один раз*) бир жолу, бир мертебе; **то́лько одна́жды он слы́шал тако́й го́лос** ал мындай үндү бир гана жолу уккан.

**ОДНА'КО** 1. *союз противит.* бирок; **он о́чень торопи́лся, одна́ко опозда́л** ал абдан шашкан эле, бирок кечигип калды; 2. *вводн. сл.* деги; **как, одна́ко, обстоя́т дела́?** иштин жайы, деги, кандай?; 3. *межд.*: **одна́ко, наку́рено у вас здесь!** силердин бул үйүңөрдө тамеки аябай тартылган турбайбы!

**ОДНИ'** *мн. от* **оди́н.**

**ОДНО'** *ср. р. к* **оди́н; говори́ть одно́ и то́ же** бир нерсени эле айта берүү.

**ОДНО-** *татаал сөздөрдүн «бир», «-лаш», «бирге» деген маанилерин билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.*: **одноа́ктный** бир көшөгөлүү; **однокла́ссник** сабакташ, классташ.

**ОДНОА'КТНЫЙ,** -ая, -ое бир көшөгөлүү; **одноа́ктная пье́са** бир көшөгөлүү пьеса.

**ОДНОБО'КИЙ,** -ая, -ое бир беткей; **однобо́кое реше́ние** бир беткей чечим; **однобо́кий вы́вод** бир беткей тыянак.

**ОДНОБО'КОСТЬ** *ж.* бир беткейлик.

**ОДНОБО'РТНЫЙ,** -ая, -ое бир жакка кымтыланма (*кийим*); **однобо́ртный пиджа́к** бир жагына кымтыланма бешмант.

**ОДНОВРЕ'МЕ'ННО** *нареч.* бир убакытта, бир мезгилде; **все заговори́ли одновре́ме́нно** бардыгы бир убакытта сүйлөп жиберишти; **одновре́ме́нно с э́тим** ушуну менен катар.

**ОДНОВРЕ'МЕ'ННОСТЬ** *ж.* бир убакытта болгондук, бир мезгилде болгондук; **одновре́ме́нность собы́тий** окуялардын бир убакытта болгондугу.

**ОДНОВРЕ'МЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое бир убакытта болуучу, бир мезгилде болуучу; **одновре́ме́нные де́йствия** бир убакытта кылынуучу аракеттер, бир убакытта болуучу аракеттер.

**ОДНОГЛА'ЗКА** *ж. зоол.* тузсуз сууда жашоочу бир көздүү жаныбар.

**ОДНОГЛА'ЗЫЙ,** -ая, -ое сыңар көздүү, жалгыз көздүү; **одногла́зый цикло́п** *миф.* сыңар көздүү дөө.

**ОДНОГОДИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое бир жылдык; **одногоди́чные ку́рсы** бир жылдык курс.

**ОДНОГО'ДОК** *м.* жашташ, курдаш (*жашы тең, бир жылы туулган*); **они́ одного́дки** алар жашташ.

**ОДНОГО'РБЫЙ,** -ая, -ое сыңар өркөчтүү, бир өркөчтүү; **одного́рбый верблю́д** нар (төө).

**ОДНОДНЕ'ВКА** *ж.* 1. *зоол.* бир күн жашоочу курт; **ба́бочка-однодне́вка** бир күн жашоочу көпөлөк; 2. *перен.* бир күндүк.

**ОДНОДНЕ'ВНЫЙ,** -ая, -ое бир күндүк; **однодне́вный дом о́тдыха** бир күндүк эс алуу үйү.

**ОДНОДО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *бот.* бир үлүштүү (*даны каптама бир үлүштүү өсүмдүк*); **однодо́льные расте́ния** бир үлүштүү өсүмдүктөр.

**ОДНОДО'МНЫЙ,** -ая, -ое *бот.* бир үйлүү (*аталык менен энелиги бир башта, бир гүлдө болгон өсүмдүктөр*); **однодо́мные расте́ния** бир үйлүү өсүмдүктөр.

**ОДНОЗАРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое бир атар, бир октуу; **однозаря́дное ружьё** бир атар (бир октуу) мылтык.

**ОДНОЗВУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое бир калыпта чыгуучу үн; **однозву́чный колоко́льчик** бир калыпта үн чыгаруучу коңгуроо.

**ОДНОЗНА'ЧАЩИЙ,** -ая, -ее *см.* **однозна́чный** 1, 2.

**ОДНОЗНА'ЧНОСТЬ** *ж.* 1. (*тожественность*) бир маанилүүлүк, маанилештик; 2. (*с одним значением*) бир гана мааниси бар.

**ОДНОЗНА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*тожественный*) бир маанилүү, маанилеш; **однозна́чные выраже́ния** маанилеш сөздөр; 2. (*с одним значением*) бир гана маани берүүчү, бир гана мааниси бар; **однозна́чное сло́во** бир гана мааниси бар сөз; 3. *мат.* бир орундуу, бир тамгалуу; **однозна́чное число́** бир орундуу сан.

**ОДНОИМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое аты уйкаш, аты бирдей; **одноимённые колхо́зы** аты бирдей колхоздор.

**ОДНОКАЛИ'БЕРНЫЙ,** -ая, -ое бир калибрдүү, калибрлери бирдей.

**ОДНОКА'ШНИК** *м. уст.* мектептеш (*бирге окуп, бирге тарбия алган жолдош*).

**ОДНОКВАРТИ'РНЫЙ,** -ая, -ое бир квартиралык; **одноквarти́рный дом** бир квартиралык үй.

**ОДНОКЛА'ССНИК** *м.* классташ, бир класста окуган; **мы с ним однокла́ссники** биз аны менен классташбыз.

**ОДНОКЛА'ССНИЦА** *женск. р. к* **однокла́ссник.**

**ОДНОКЛЕ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое *биол.* бир клеткалуу; **одноклéточные органи́змы** бир клеткалуу организмдер.

**ОДНОКЛУ'БНИК** *м.* клубдаш (*бир клубда катышкан*); **вы́играть у свои́х одноклу́бников** өзүнүн клубдаштарынан утуп алуу.

**ОДНОКОВШО'ВЫЙ,** -ая, -ое бир сузгучтуу; **одноковшо́вый экскава́тор** бир сузгучтуу экскаватор.

**ОДНОКОЛЕ'ЙКА** *ж. ж.-д. разг.* бир колеялуу жол (*бир гана темир жол*).

**ОДНОКОЛЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое *ж.-д.* бир колеялуу; **одноколе́йная желе́зная доро́га** бир колеялуу темир жол.

**ОДНОКО'ЛКА** *ж.* эки дөңгөлөктүү араба.

**ОДНОКО'ННЫЙ,** -ая, -ое бир ат чегилүүчү, бир ат кошулуучу; **одноко́нный плуг** бир ат кошулуучу соко.

**ОДНОКОПЫ'ТНЫЕ** *мн.* (*ед.* **однокопы́тное** *ср.*) *зоол.* ай туяктуулар.

**ОДНОКРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое бир гана жолу болгон; ◇ **однокра́тный вид глаго́ла** *грам.* этиштин кайталанбас түрү.

**ОДНОКУ'РСНИК** *м.* курсташ (*бир курста окуган*).

**ОДНОКУ'РСНИЦА** *женск. р. к* **одноку́рсник.**

**ОДНОЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее бир жылдык; **однолéтние расте́ния** бир жылдык өсүмдүктөр.

**ОДНОЛЕ'ТНИК** *м. бот.* бир жылдык.

**ОДНОЛЕ'ТОК** *м.* жашташ, курдаш (*жашы тең, бир жылы туулган*).

**ОДНОЛОША'ДНЫЙ,** -ая, -ое жалгыз аттуу; **однолоша́дные крестья́нские хозя́йства ца́рской Росси́и** падышалык Россиянын жалгыз аттуу дыйкан чарбалары.

**ОДНОМА'ЧТОВЫЙ,** -ая, -ое бир мачталуу; **го́ночные я́хты — одномá́чтовые суда́** жарышуучу яхталар — бир мачталуу кемелер.

**ОДНОМЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое бир орундуу; **одноме́стный самолёт** бир орундуу самолёт.

**ОДНОМОТО'РНЫЙ,** -ая, -ое бир мотордуу.

**ОДНОНО'ГИЙ,** -ая, -ое бир буттуу, сыңар буттуу.

**ОДНООБРА'ЗИЕ** *ср.* бир түрдүүлүк, турпатташтык.

**ОДНООБРА'ЗНО** *нареч.* бир түрдө; **однообра́зно расска́зывать** бир түрдө (бир калыпта) айтуу.

**ОДНООБРА'ЗНОСТЬ** *ж. см.* **однообра́зие.**

**ОДНООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое бир түрдүү, кебетелеш.

**ОДНОПАЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *полит.* бир палаталуу; **однопала́тная систе́ма** бир палаталуу система.

www.bizdin.kg

**ОДНОПА'ЛУБНЫЙ**, -ая, -ое бир палубалуу (*кеме*).

**ОДНОПА'ЛЫЙ**, -ая, -ое бир бармактуу; ай туяктуу.

**ОДНОПЛЕМЕ'ННЫЙ**, -ая -ое *этн.* урукташ, бир урукка жаткан, сөөктөш.

**ОДНОПОЛЧА'НИН** *м.* бир полктук; **друзья-однополча́не** бир полктук достор.

**ОДНОПО'ЛЫЙ**, -ая, -ое *бот.* бир жыныстуу, бир тукумдуу (*аталыгы же энелиги гана бар өсүмдүк*).

**ОДНОПУ'ТКА** *ж. ж.-д. разг.* бир колеялуу жол (*бир гана темир жол*).

**ОДНОПУ'ТНЫЙ**, -ая, -ое: **однопу́тная доро́га** бир колеялуу жол.

**ОДНОРО'ГИЙ**, -ая, -ое жалгыз мүйүздүү, сыңар мүйүздүү.

**ОДНОРО'ДНОСТЬ** *ж.* бир түрдүүлүк, түрдөштүк, бир өңчөйлүк, окшоштук, тектештик.

**ОДНОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое бир түрдүү, түрдөш, бир тектүү, бир өңчөй, окшош; **одноро́дные явле́ния** бир түрдүү кубулуштар; **одноро́дные величи́ны** *мат.* бир тектүү чоңдуктар; **одноро́дные чле́ны предложе́ния** *грам.* сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.

**ОДНОРУ'КИЙ**, -ая, -ое бир колдуу, сыңар колдуу.

**ОДНОСЕЛЬЧА'НИН** *м.* бир кыштакта туулган, кыштакташ.

**ОДНОСЕЛЬЧА'НКА** *женск. р. к* **односельча́нин**.

**ОДНОСКА'ТНЫЙ**, -ая, -ое бир жагына жантайма; **односка́тная кры́ша** бир жагына жантайма чатыр.

**ОДНОСЛО'ЖНО** *нареч.* кыска, кыска-кыска; **отвеча́ть односло́жно** кыска-кыска жооп берүү.

**ОДНОСЛО'ЖНОСТЬ** *ж.* 1. *лингв.* бир муундуулук (*сө*); 2. (*сжатость*) кыскалык.

**ОДНОСЛО'ЖНЫЙ**, -ая, -ое 1. *лингв.* (*из одного слога*) бир муундуу; **односло́жное сло́во** бир муундуу сөз; 2. (*короткий, отрывистый*) кыска; **односло́жный отве́т** кыска жооп.

**ОДНОСПА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое бир кишилик; **односпа́льная крова́ть** бир кишилик кровать (*бир киши жатууга ылайыктап жасалган кровать*).

**ОДНОСТВО'ЛКА** *ж. разг.* бир атар (*бир стволдуу аң мылтыгы*).

**ОДНОСТВО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое бир стволдуу; **одноство́льное ружьё** бир стволдуу (бир атар) мылтык.

**ОДНОСТВО'РЧАТЫЙ**, -ая, -ое бир жагына ачылма; **одноство́рчатая дверь** бир жагына ачылма эшик.

**ОДНОСТОРО'ННЕ** *нареч.* бир беткей, толук эмес; **односторо́нне освети́ть вопро́с** маселеге бир беткей гана токтолуу.

**ОДНОСТОРО'ННИЙ**, -яя, -ее 1. (*о ткани*) өңү бир (*ичи, сырты эки башка*); **односторо́нний драп** бир өңдүү драп; 2. (*с одной стороны*) бир жактан, бир жагынан; **односторо́нний плеври́т** *мед.* бир жактан кармоочу плеврит; 3. (*в одну сторону*) бир жакты көздөй; **односторо́ннее движе́ние тра́нспорта по у́лице** транспорттун көчө менен бир жакты көздөй жүрүшү; 4. *перен.* бир беткей, бир гана жагын алуу; **односторо́ннее освеще́ние те́мы** теманын бир гана жагына токтолуу; ◇ **односторо́нний отка́з от догово́ра** келишимден бир тараптын баш тартышы.

**ОДНОСТОРО'ННОСТЬ** *ж.* бир беткейлик, толук эместик; **односторо́нность взгля́дов** көз караштардын бир беткейлиги (толук эместиги).

**ОДНОСТРУ'ННЫЙ**, -ая, -ое бир кылдуу.

**ОДНОТИ'ПНОСТЬ** *ж.* бир типтүүлүк.

**ОДНОТИ'ПНЫЙ**, -ая, -ое бир типтеги, типтеш; **одноти́пные постро́йки** бир типтеги курулуштар; **одноти́пное хозя́йство** бир типтеги чарба.

**ОДНОТО'МНИК** *м.* бир томдук (*бир том кылып чыгарылган*).

**ОДНОТО'МНЫЙ**, -ая, -ое бир том кылып чыгарылган; **одното́мное изда́ние** бир том кылып чыгарылган китеп; **одното́мный слова́рь** бир том кылып чыгарылган сөздүк.

**ОДНОУ'ХИЙ**, -ая, -ое чунак (*бир кулагы жок*).

**ОДНОФА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое бир фазалуу.

**ОДНОФАМИ'ЛЕЦ** *м.* фамилиясы уйкаш, фамилиясы окшош.

**ОДНОФАМИ'ЛИЦА** *женск. р. к* **однофами́лец**.

**ОДНОЦВЕ'ТНОСТЬ** *ж.* бир түстүүлүк.

**ОДНОЦВЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое 1. бир түстөгү; **одноцве́тные иллюстра́ции** бир түстүү иллюстрация; 2. *перен.* (*однообразный*) бир түрдүү, бир өңчөй.

**ОДНОЧЛЕ'Н** *м. мат.* бир мүчө (+ *же — белгиси болбогон алгебралык туюнтма*).

**ОДНОЧЛЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое *мат.* бир мүчөлүү.

**ОДНОЭТА'ЖНЫЙ**, -ая, -ое бир этаждуу; **одноэта́жный дом** бир этаждуу үй.

**ОДОБРЕ'НИЕ** *ср.* жактыруу, макул табуу.

**ОДОБРИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* жактырып, макул таап; **одобри́тельно кивну́ть голово́й** жактырып башын ийкөө.

**ОДОБРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жактырган, макул тапкан; **одобри́тельная улы́бка** жактырган жылмаюу (күлүү); **одобри́тельный о́тзыв** жактырган баа (*биреөнүн иши же кызматы жөнүндө берилген баа*).

**ОДО'БРИТЬ** *сов. кого-что* жактыруу, макул табуу; **одо́брить чьё-л. предложе́ние** *биреөнүн* сунушун жактыруу; **одо́брить прое́кт резолю́ции** резолюциянын долбоорун макул табуу; **одо́брить ру́копись** кол жазманы жактыруу.

**ОДОБРЯ'ТЬ** *несов. см.* **одо́брить**.

**ОДОЛЕВА'ТЬ** *несов. см.* **одоле́ть**; **меня́ одолева́ет сон** мени уйку басып турат, уйкум келип турат.

**ОДОЛЕ'НИЕ** *ср.* жеңүү, үстөм келүү, басым келүү.

**ОДОЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*побороть*) жеңүү, үстөм келүү, басым келүү; **одоле́ть врага́** душманды жеңүү; 2. *кого, разг.* (*замучить*) жүдөтүү, кыйноо; **его́ одоле́л ка́шель** аны жөтөл жүдөтүп жиберди, аны жөтөл кыйнады; 3. *кого-что, перен.* (*подчинить себе*) багынтуу; **ску́пость его́ одоле́ла** анын сарандыгы башынан ашты, ал сарандыкка жеңдирди; 4. *что, перен. разг.* ээ болуу, өздөштүрүү; **одоле́ть матема́тику** математиканы өздөштүрүү.

**ОДОЛЖА'ТЬ** *несов. см.* **одолжи́ть**.

**ОДОЛЖА'ТЬСЯ** *несов. кому, у кого* биреөдөн жакшылык көрүп ага милдеттүү болуу; **он не люби́л ни у кого́ одолжа́ться** биреөдөн жакшылык көрүп, ага милдеттүү болууну ал жаман көрчү.

**ОДОЛЖЕ'НИЕ** *ср.* кызмат көрсөтүү, жакшылык кылуу; **попроси́ть об одолже́нии** кызмат көрсөтүү жөнүндө өтүнүч кылуу (сурануу); ◇ **сде́лайте одолже́ние** *уст* 1) (*просьба*) кичи бейилдикке, кичи бейилдик кылыңыз, ракым этиңиз; 2) (*разрешение*) эң-эле ырас болот (*алыңыз, барыңыз, жатыңыз ж. б.*).

**ОДОЛЖИ'ТЬ** *сов.* 1. *что кому* (*дать в долг*) карызга берүү; 2. *кого чем, уст.* (*оказать одолжение, услугу*) кылган жакшылыгы менен милдеттендирүү; **вы меня́ о́чень одолжи́те** сиз кылган жакшылыгыңыз менен мени милдеттүү кыласыз.

**ОДОМА'ШНЕНИЕ** *ср.* колго үйрөтүү; колго үйрөтүп, бакма кылуу; **одома́шнение ди́ких живо́тных** жапайы айбандарды колго үйрөтүп, бакма кылуу.

**ОДОМА'ШНИВАТЬ** *несов. см.* **одома́шнить**.

**ОДОМА'ШНИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **одома́шниться**; 2. *страд. к* **одома́шнивать**.

**ОДОМА'ШНИТЬ** *сов. кого* колго үйрөтүү (*жапайы айбанды үй айбанына айландыруу*).

**ОДОМА'ШНИТЬСЯ** *сов.* колго үйрөнүп, бакма болуу.

**ОДОНТО'ЛОГ** *м. мед.* одонтолог (*тиш оорусу боюнча врач*).

**ОДОНТОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **одонтология-га** *т.*; одонтологиялык; **одонтологи́ческий журна́л** одонтологиялык журнал.

www.bizdin.kg

**ОДОНТОЛО'ГИЯ** *ж. мед.* одонтология (*тиш жана алардын оорусун дарылоо жөнүндөгү илим*).

**ОДР** *м. уст.* төшөк; **лежа́ть на сме́ртном одре́** өлүм төшөгүндө жатуу.

**ОДРЯХЛЕ'ТЬ** *сов.* каруу, картаюу, чөгүп калуу.

**ОДУВА'НЧИК** *м.* каакым.

**ОДУ'МАТЬСЯ** *сов.* ойлонуп, мурунку пикиринен кайтуу, акылына келүү; **в после́днюю мину́ту он оду́мался и оста́лся** ал акыркы минутада ойлонуп көрдү да, калып калды.

**ОДУРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **одура́чить.**

**ОДУРА'ЧИТЬ** *сов. кого, разг.* алдап акмак кылуу, келеке кылуу.

**ОДУРЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое *разг.* башы каткан, жиндидей болгон, дел болгон.

**ОДУРЕ'НИЕ** *ср. разг.* баш катуу, башы маң болуу, жиндидей болуу, дел болуу; **дойти́ до одуре́ния** жиндидей болгон абалга жетүү.

**ОДУРЕ'ТЬ** *сов. разг.* баш катуу, жинди болуу.

**ОДУРМА'НИВАТЬ** *несов. см.* **одурма́нить.**

**ОДУРМА'НИТЬ** *сов. кого* башын катыруу, маң кылуу.

**О'ДУРЬ** *ж. разг.* баш айлануу, жиндидей болуу; **спо́рить до о́дури** баш айланууга чейин талашуу.

**ОДУРЯ'ТЬ** *несов. кого* мас кылуу, маң кылуу, дел кылуу.

**ОДУРЯ'ЮЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **одуря́ть; 2.** *прил.* мас кылуучу, маң кылуучу, дел кылуучу; **одуря́ющий за́пах полы́ни** эрмендин мас кылуучу жыты.

**ОДУТЛОВА'ТОСТЬ** *ж.* шишимелдик, шишиктүүлүк, шишиңкилик, шишиңкирегендик; **боле́зненная одутлова́тость лица́** беттин оорудан болгон шишимелдиги.

**ОДУТЛОВА'ТЫЙ**, -ая, -ое шишимек, шишимел, шишиңки, шишиңкиреген.

**ОДУХОТВОРЕ'НИЕ** *ср.* жандандыруу, дем берүү, шыктандыруу.

**ОДУХОТВОРЁННЫЙ**, -ая, -ое жандандырылган, дем берилген, дем берүүчү; шыктанган; **одухотворённая речь** шыктанып сүйлөгөн сөз.

**ОДУХОТВОРИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*воодушевить*) жандандыруу, дем берүү, кайраттандыруу; **2.** (*природу, животных*) жогорку духтук жөндөмдүүлүгү бар деп эсептөө (*табияттын, айбандардын*).

**ОДУХОТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **одухотвори́ть.**

**ОДУШЕВИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что чем* (*воодушевить*) жандандыруу, дем берүү, кайраттандыруу; **одушеви́ть наро́д ве́стью о побе́де** жеңиш жөнүндөгү кабар менен элди кайраттандыруу; **2.** *что* (*напр. природу*) жандуу деп билүү, жандуу деп эсептөө.

**ОДУШЕВИ'ТЬСЯ** *сов.* дем кирүү, кайрат кирүү.

**ОДУШЕВЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** демденүү, кайраттануу; **2.** (*подъём духа*) көңүл көтөрүлүү, шаттануу; **говори́ть с одушевле́нием** көңүлү көтөрүлүп сүйлөө; **3.** (*природы*) жандануу, жандандыруу.

**ОДУШЕВЛЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **одушеви́ть; 2.** *прил.* (*исполненный одушевления*) көңүлү көтөрүлгөн, көңүлү шат, шаттанган; **одушевлённый го́лос** шаттанган үн; **3.** *прил. грам.* жандуу, тирүү; **одушевлённые предме́ты** жандуу заттар.

**ОДУШЕВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **одушеви́ть.**

**ОДУШЕВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **одушеви́ться; 2.** *страд. к* **одушевля́ть.**

**ОДЫ'ШКА** *ж.* энтикме, энтигүү; **страда́ть оды́шкой** энтикме оору болуу.

**ОЖЕРЕБИ'ТЬСЯ** *сов.* кулун тууш.

**ОЖЕРЕ'ЛЬЕ** *ср.* шуру, мончок.

**ОЖЕСТОЧА'ТЬ** *несов. см.* **ожесточи́ть.**

**ОЖЕСТОЧА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **ожесточи́ться; 2.** *страд. к* **ожесточа́ть.**

**ОЖЕСТОЧЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) каардануу, каардантуу; **2.** каар; **говори́ть с ожесточе́нием** каар менен, каарданып сүйлөө, **3.** айыгышуу; өчөшүү; ачуу; **дра́ться с ожесточе́нием** айыгышып кармашуу.

**ОЖЕСТОЧЁННО** *нареч.* айыгышып, эрегишип, өчөшүп.

**ОЖЕСТОЧЁННОСТЬ** *ж.* **1.** (*жестокость*) каардангандык, катаалдангандык; **2.** (*озлобление, упорство*) айыгышкандык, эрегишкендик, өчүгүшкөндүк.

**ОЖЕСТОЧЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **ожесточи́ть; 2.** *прил.* (*жестокий*) каардуу, катаал; **3.** *прил.* айыгышып калган, эрегишип калган, өчүгүшүп калган; **ожесточённый бой** айыгышкан катуу уруш.

**ОЖЕСТОЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*сделать жестоким*) каардантуу; **ожесточи́ть чьё-л. се́рдце** *бирөөнү* таш боор кылуу; **2.** (*сделать непреклонным*) айыгыштыруу, өжөр кылуу, жайылдантуу.

**ОЖЕСТОЧИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать жестоким*) каардануу, катаалдануу; **2.** (*стать непреклонным*) айыгышуу, эрегишүү, өчүгүшүү.

**ОЖЕ'ЧЬ** *сов.* **1.** *см.* **обже́чь; 2.** *кого-что, перен.* (*ударить*) уруу, чаап жиберүү; **оже́чь кнуто́м** камчы менен чаап жиберүү.

**ОЖЕ'ЧЬСЯ** *сов. см.* **обже́чься.**

**ОЖИВА'ТЬ** *несов. см.* **ожи́ть.**

**ОЖИВИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** тирилтүү, жандандыруу; **2.** *перен.* жандандыруу, жаркыратуу, көңүл көтөрүү; **оживи́ть рабо́ту кружка́** кружоктун ишин жандандыруу; **ра́дость оживи́ла её лицо́** кубаныч анын жүзүн жаркыратты.

**ОЖИВИ'ТЬСЯ** *сов.* жандануу, жандандырылуу, жаркыроо көңүл көтөрүлүү; **рабо́та оживи́лась** иш жанданды; **лица оживи́лись** жүздөрү жаркырады.

**ОЖИВЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) тирилүү, тирилтүү, жандануу, жандандыруу; **о́пыты по оживле́нию органи́змов** организмдерди тирилтүү боюнча тажрыйбалар; **2.** көңүлдүүлүк; **внести́ оживле́ние в и́гры дете́й** балдардын оюнун көңүлдүү кылуу.

**ОЖИВЛЁННО** *нареч.* жандуу, кызуу; **оживлённо разгова́ривать** кызуу сүйлөшүү.

**ОЖИВЛЁННОСТЬ** *ж.* жандангандык, көңүлү көтөрүлгөндүк, кызуулук.

**ОЖИВЛЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **оживи́ть; 2.** *прил.* (*выражающий оживление*) жаркыраган, жандуу, кызуу; **оживлённая улы́бка** жаркырап күлүү; **оживлённая бесе́да** кызуу аңгеме; **оживлённая диску́ссия** кызуу дискуссия; **3.** *прил.* (*бойкий*) шартылдаган, кызуу, токтоосуз; **оживлённая торго́вля** кызуу (тооктоосуз жүргөн) соода.

**ОЖИВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оживи́ть.**

**ОЖИВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **оживи́ться; 2.** *страд. к* **оживля́ть.**

**ОЖИДА'НИЕ** *ср.* **1.** күтүү, **томи́тельное ожида́ние** зарыктырган күтүү; **сверх (вся́кого) ожида́ния** таптакыр күтүлбөгөн жерден, таптакыр күтпөгөндө; **зал ожида́ния** күтүү залы; **2. ожида́ния** *мн.* (*надежды*) үмүт, тилек; **на́ши ожида́ния сбыли́сь** биздин тилегибиз орундалды.

**ОЖИДА'ТЬ** *несов. кого-чего* күтүү; **ожида́ть подходя́щего слу́чая** ыңтайлуу учурду күтүү.

**ОЖИДА'ТЬСЯ** *несов.* күтүлүү, болуу; **ожида́ются си́льные моро́зы** катуу суук болот деп турат.

**ОЖИРЕ'НИЕ** *ср.* май басуу, семирүү; **боле́зненное ожире́ние** оорулуктан май басуу; **ожире́ние се́рдца** жүрөктү май басуу.

**ОЖИРЕ'ТЬ** *сов.* семирүү.

**ОЖИ'ТЬ** *сов.* **1.** тирилүү, жандануу; **2.** *перен.* чыйралуу, тыңуу; эске түшүү; **ожи́ть по́сле о́тдыха** эс алгандан кийин чыйралып калуу; **воспомина́ния ожи́ли** өткөндөр эске түштү; **3.** *перен.* тирилүү, жандануу, кайта жандануу; **приро́да ожила́** жаратылыш жанданды.

**ОЖО'Г** *м.* **1.** (*действие*) күйүү; **2.** (*обожжённое место*) күйүк, күйгөн жер; **забинтова́ть ожо́г** күйүктү (күйгөн

www.bizdin.kg

жерди) бинт менен таңып байлоо; **ожóг пéрвой стéпени** аябай күйүп калуу.

**ОЗАБО'ТИТЬ** *сов. кого-что* кам жедирүү, убара кылуу.

**ОЗАБО'ТИТЬСЯ** *сов. чем* кам көрүү, кам жеш.

**ОЗАБО'ЧЕННО** *нареч.* кам көрүп, кам жеп, убаралanып.

**ОЗАБО'ЧЕННОСТЬ** *ж.* кам көргөндүк, кам жегендик, убаралангандык, бушайман болгондук.

**ОЗАБО'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **озабóтить;** 2. *прил.* кам көргөн, кам жеген, убараланган, бушайман болгон; **озабóченный вид** кам көргөн кейип (кебете), бушайман болгон түр.

**ОЗАБО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **озабóтить.**

**ОЗАБО'ЧИВАТЬСЯ** *несов. см.* **озабóтиться.**

**ОЗАГЛА'ВИТЬ** *сов. что* ат коюу (*адабий чыгармага ат коюу*); **озаглáвить пóвесть** повестке ат коюу.

**ОЗАГЛА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **озаглáвить.**

**ОЗАДА'ЧЕННОСТЬ** *ж.* айран калгандык; эмне дээрин, эмне кыларын билбей калгандык; кыйын абалда калгандык.

**ОЗАДА'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **озадáчить;** 2. *прил.* айран калган; эмне дээрин, эмне кыларын билбей калган; кыйын абалда калган; **озадáченный вид** кыйын абалда калган түр (кебете, көрүнүш, өң).

**ОЗАДА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **озадáчить.**

**ОЗАДА'ЧИТЬ** *сов. кого-что* айран калтыруу; эмне дээрин, эмне кыларын билдирбей салуу; кыйын абалда калтыруу; **озадáчить** *кого-л.* **неожúданным вопрóсом** *бирөөгө* күтүлбөгөн жерден суроо берип, эмне дээрин билдирбей салуу.

**ОЗАРИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* жаркыроо, жарк этүү; **сóлнце озарúло долúну** күндүн нуру жаркырап талааны каптады; 2. *кого-что, перен.* жарк эттирүү, жүрөктү кубантуу; **улы́бка озарúла его́ лицó** жылмайган күлкү анын бетин жарк эттирди; **надéжда озарúла сéрдце** ишенич жүрөктү кубандырды.

**ОЗАРИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. жаркыроо, жаркылдоо, жарк этүү; **поля́ озарúлись сóлнечным свéтом** талаалар күндүн нуруна жаркырады; 2. *перен.* жарк этип күлүү, ишеничке батып кубануу; **лицó озарúлось улы́бкой** күлгөндө өңү жарк эте түштү.

**ОЗАРЯ'ТЬ** *несов. см.* **озарúть.**

**ОЗАРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **озарúться;** 2. *страд. к* **озаря́ть.**

**ОЗВЕРЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое жырткычтанган, жырткыч түрүнө өткөн, жаалданган; **озверéлый враг** жырткычтанган душман.

**ОЗВЕРЕ'НИЕ** *ср.* жырткычтануу, жырткыч түрүнө өтүү, айбан мүнөздүү болуу, жаалдануу; **дойтú до озверéния** жырткыч болууга чейин жетүү.

**ОЗВЕРЕ'ТЬ** *сов.* жырткычтануу, жырткыч түрүнө өтүү, айбан мүнөздүү болуу, жаалдануу.

**ОЗВУ'ЧЕНИЕ** *ср.* үндүү кылуу, добуштуу кылуу; **озвýчение фúльмов** фильмдерди үндүү кылуу.

**ОЗВУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **озвýчить.**

**ОЗВУ'ЧИТЬ** *сов. что* үндүү кылуу, добуштуу кылуу; **озвýчить фильм** фильмди үндүү кылуу.

**ОЗДОРОВИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое дени соо кылуучу, ден соолукту жакшыртуучу; **оздоровúтельные мероприя́тия** ден соолукту жакшыртуучу чаралар.

**ОЗДОРОВИ'ТЬ** *сов. что* 1. ден соолукту чыңдоо, ден соолукту оңдоо, саламаттыкты мыктылоо; 2. *перен.* оңдоо, түзөө; жөнгө салуу.

**ОЗДОРОВИ'ТЬСЯ** *сов.* оңолуу, жакшыруу, түзөлүү.

**ОЗДОРОВЛЕ'НИЕ** *ср.* дени соо кылуу, ден соолукту оңдоо, айыктыруу.

**ОЗДОРОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оздоровúть.**

**ОЗДОРОВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оздоровúться;** 2. *страд. к* **оздоровля́ть.**

**ОЗЕЛЕНЕ'НИЕ** *ср.* жашылдандыруу (*бак-дарак тигүү*); **озеленéние горóдов** шаарларды жашылдандыруу.

**ОЗЕЛЕНИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **озеленение**-*ге т.*; жашылдандыруучу; **озеленúтельные рабóты** жашылдандыруу жумуштары (*бак-дарак тигүү жумуштары*).

**ОЗЕЛЕНИ'ТЬ** *сов. что* жашылдандыруу (*бак-дарак тигүү*); **озеленúть ýлицы** көчөлөрдү жашылдандыруу.

**ОЗЕЛЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **озеленúть.**

**О'ЗЕМЬ** *нареч.* жерге (*мис. тийүү, уруу, согуу*); **грóхнуться óземь** жерге күрс этип жыгылуу.

**ОЗЁРНЫЙ**, -ая, -ое **озеро**-*го т.*; көлдүү; **озёрный край** көлдүү өлкө, көлү көп өлкө.

**О'ЗЕРО** *ср.* көл; **гóрное óзеро** тоо көлү.

**ОЗИ'МЫЕ** *мн. см.* **озúмый** 2.

**ОЗИ'МЫЙ**, -ая, -ое 1. күздүк; **озúмая пшенúца** күздүк буудай; 2. *в знач. сущ.* **озúмые** *мн.* күздүк, күздүк эгиндер; **сев озúмых** күздүк эгиндерди эгүү; **убóрка озúмых** күздүк эгиндерди оруп-жыйноо.

**О'ЗИМЬ** *ж.* күздүк, күздүк эгин, күздүктүн көгү; **всхóды óзими** күздүктүн өнүп чыккан көгү.

**ОЗИРА'ТЬ** *несов. кого-что* көз жүгүртүп кароо; **озирáть мéстность** айланадагы жерге көз жүгүртүп кароо.

**ОЗИРА'ТЬСЯ** *несов.* эки жагын карануу, элеңдөө, элеңдеп эки жагын кароо; **озирáться по сторонáм** эки жагын карануу.

**ОЗЛИ'ТЬ** *сов. см.* **обозлúть.**

**ОЗЛИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **обозлúться.**

**ОЗЛО'БИТЬ** *сов. кого-что* ачууландыруу, ачуусун (жинин) келтирүү.

**ОЗЛО'БИТЬСЯ** *сов.* ачуулануу, ачуусу келүү, жини келүү.

**ОЗЛОБЛЕ'НИЕ** *ср.* ачуулануу, ачуусу (жини) келүү; **вы́звать** *у кого-л.* **озлоблéние** *бирөөнүн* жинин келтирүү; **сказáть с озлоблéнием** ачуусу келип туруп айтуу.

**ОЗЛО'БЛЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **озлóбить;** 2. *прил.* ачуусу келген, жини келген, каардан́ган.

**ОЗЛОБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **озлóбить.**

**ОЗЛОБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **озлóбиться;** 2. *страд. к* **озлобля́ть.**

**ОЗНАКО'МИТЬ** *сов. кого-что с кем-чем* тааныштыруу.

**ОЗНАКО'МИТЬСЯ** *сов. с чем* таанышуу; **ознакóмиться с диссертáцией** диссертация менен таанышуу.

**ОЗНАКОМЛЕ'НИЕ** *ср.* тааныштыруу; **ознакомлéние с плáном рабóт** иштердин планы менен тааныштыруу.

**ОЗНАКОМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **ознакóмить.**

**ОЗНАКОМЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ознакóмиться;** 2. *страд. к* **ознакомля́ть.**

**ОЗНАМЕНОВА'НИЕ** *ср.* салтанаттык менен белгилөө (*дата ж. б. урматына иштелген салтанаттуу иш*); **в ознаменовáние одéржанной побéды** ээ болгон жеңишти салтанаттык менен белгилеп; **в ознаменовáние юбилéя** юбилейди салтанаттык менен белгилеп.

**ОЗНАМЕНОВА'ТЬ** *сов. что* 1. белгилөө; **э́то откры́тие ознаменовáло цéлую эпóху в истóрии наýки** бул ачуу илимдин тарыхындагы бүт бир доорду белгиледи; 2. *чем* салтанаттык менен белгилөө; **ознаменовáть прáздник нóвыми производственными побéдами** майрамды өндүрүштүк жаңы жеңиштер менен салтанаттуу белгилөө.

**ОЗНАМЕНОВА'ТЬСЯ** *сов. чем* салтанатталуу.

**ОЗНАМЕНО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **ознаменовáть** 2.

**ОЗНАМЕНО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ознаменовáться;** 2. *страд. к* **ознаменóвывать.**

**ОЗНАЧА'ТЬ** *несов.* билдирүү, белгилөө, мааниге ээ болуу; **что означáет вáше молчáние?** сиздин унчукпагандыгыңыз эмнени билдирет?

**ОЗНА'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое *уст.* көрсөтүлгөн, айтылган, жогоруда айтылган; **яви́ться в означéнный день** көрсөтүлгөн күндө келүү.

www.bizdin.kg

**ОЗНО'Б** *м.* чыйрыгуу, калтыроо, титирөө (*безгек кармаганда*); **чу́вствовать озно́б** чыйрыгып туруу.
**ОЗОЛОТИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, уст.* алтындоо; 2. *кого-что, перен. разг.* байытуу, жыргатуу; **хоть ты меня́ озолоти́...** башымдан ылдый алтын куйсаң да...
**ОЗО'Н** *м. хим.* озон (*кислороддун үч атомунан кошулуп пайда болгон газ*).
**ОЗОНА'ТОР** *м. хим.* озонатор (*бузулган абаны тазалоо үчүн колдонулуучу прибор*).
**ОЗОНИ'РОВАНИЕ** *ср.* 1. *хим.* озондоо, озонго айландыруу; **озони́рование кислоро́да** кислородду озондоо; 2. (*освежение*) тазалоо, озон менен тазалоо; **озони́рование во́здуха** абаны озон менен тазалоо.
**ОЗОНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* 1. *хим.* (*обращать в озон*) озонго айландыруу; **озони́ровать кислоро́д** кислородду озонго айландыруу; 2. (*очищать озоном*) тазалоо, озон менен тазалоо; **озони́ровать во́здух** абаны озон менен тазалоо.
**ОЗОРНИ'К** *м.* тентек бала.
**ОЗОРНИ'ЦА** *женск. р. к* **озорни́к.**
**ОЗОРНИЧА'ТЬ** *несов. разг.* тентектик кылуу.
**ОЗОРНО'Й,** -а́я, -о́е (*о человеке*) тентек, зөөкүр, бузук; **озорно́й ма́льчишка** тентек бала; **озорно́е поведе́ние** зөөкүр жүрүш-туруш.
**ОЗОРСТВО'** *ср.* тентектик, зөөкүрдүк, бузуктук.
**ОЗЯ'БНУТЬ** *сов.* үшүү; **у меня́ озя́бли но́ги** менин буттарым үшүдү; **я озя́б** мен үшүп кеттим.
**ОЙ** *межд.* ой, кокуй.
**О'Й ЛИ** *межд.* ой, ошондойбу; ой, ошентер бекен.
**ОЙРО'Т** *м.* ойрот.
**ОЙРО'ТКА** *женск. р. к* **ойро́т;** ойротка.
**ОЙРО'ТСКИЙ,** -ая, -ое **ойрот**-*ко т.*
**ОЙРО'ТЫ** *мн.* ойроттор.
**ОКАЗА'НИЕ** *ср.* көрсөтүү, берүү; **оказа́ние пе́рвой по́мощи** биринчи жардам көрсөтүү.
**ОКАЗА'ТЬ** *сов. что* көрсөтүү, кылуу; **оказа́ть по́мощь** жардам көрсөтүү; **оказа́ть внима́ние** көңүл буруу; **оказа́ть дове́рие** ишенүү; **оказа́ть услу́гу** кызмат көрсөтүү; **оказа́ть хоро́ший приём** жакшы тосуп алуу; **оказа́ть влия́ние** таасир этүү; **оказа́ть сопротивле́ние** каршылык көрсөтүү.
**ОКАЗА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*обнаружиться*) болуп чыгуу, болуп калуу; **оказа́лось, что они́ сосе́ди** алар коңшу болуп чыкты; **оказа́ться ста́рым знако́мым** эски тааныш болуп чыгуу; 2. (*очутиться*) болуп калуу, калуу, келип калуу; **он оказа́лся до́ма** ал үйүндө болуп чыкты; **оказа́ться в смешно́м положе́нии** күлкү болгудай абалда калуу.
**ОКА'ЗИЯ** *ж.* 1. *уст.* (*удобный случай*) ык; ылайыктуу учур; **посла́ть письмо́ с ока́зией** каттоочудан кат жиберүү; 2. *разг.* (*редкий, небывалый случай*) кырсык; **вот так ока́зия!** мына кырсык!; **что за ока́зия!** бул эмне деген кырсык!, бул эмне деген жорук!
**ОКА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **оказа́ть.**
**ОКА'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оказа́ться;** 2. *в знач. вводн. сл.* **ока́зывается** экен; **он, ока́зывается, здесь** ал мында экен; 3. *страд. к* **ока́зывать.**
**ОКАЙМИ'ТЬ** *сов. что чем* жээктөө, кыюулоо; **окайми́ть плато́к** жоолукту кыюулоо; **окайми́ть рису́нок узо́ром** сүрөттү түр менен жээктөө.
**ОКАЙМЛЕ'НИЕ** *ср.* жээктөө, кыюулоо.
**ОКАЙМЛЯ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **окайми́ть;** 2. *что* (*окружать*) курчоо, тегерете курчоо, тегерете курчап туруу; **дере́вья окаймля́ли о́зеро** көлдү тегерете бак-дарактар курчап турду.
**ОКА'ЛИНА** *ж.* ширенди (*кызыган металлдын ширендиси*); **желе́зная ока́лина** темирдин ширендиси.
**ОКАМЕНЕ'ЛОСТЬ** *ж.* 1. *геол.* таш болуп катып калгандык, таштайлык; 2. *палеонт.* ташка айлангандык; **собра́ние окамене́лостей** ташка айлангандардын жыйындысы.
**ОКАМЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое 1. ташка айланган, таш болуп калган; **окамене́лые оста́тки дре́вних живо́тных** байыркы заманда жашаган айбандардын таш болуп калган калдыктары; 2. *перен.* (*неподвижный, безжизненный*) кыймылсыз, тирүү эместей көрүнгөн; **окамене́лый взор** тирүү эместей көрүнгөн көз караш.
**ОКАМЕНЕ'ТЬ** *сов.* 1. ташка айлануу; 2. *перен.* таштай болуу; **се́рдце его́ окамене́ло** ал таш боор болду.
**ОКАНТОВА'ТЬ** *сов. что* жээктөө, чаптоо (*сүрөттү айнекке салып, кырка жээгин тасма же кагаз менен чаптоо*); **окантова́ть портре́т** портреттин кырка жээгин кагаз менен чаптоо.
**ОКАНТО'ВКА** *ж.* 1. жээктөө, чаптоо; **отда́ть фотогра́фии в оканто́вку** сүрөттөрдү айнекке салып жээктөөгө берүү; 2. (*кант*) жээк; **цветна́я оканто́вка** түстүү жээк; **краси́вая оканто́вка** кооз жээк.
**ОКАНТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **окантова́ть.**
**ОКА'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **око́нчить.**
**ОКА'НЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **око́нчиться;** 2. *страд. к* **ока́нчивать.**
**ОКА'ПЫВАНИЕ** *ср.* казып жумшартуу; **ока́пывание кусто́в** бадалдардын түбүн казып жумшартуу.
**ОКА'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **окопа́ть.**
**ОКА'ПЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **окопа́ться;** 2. *страд. к* **ока́пывать.**
**ОКАТИ'ТЬ** *сов. кого-что* жаба куюу.
**ОКАТИ'ТЬСЯ** *сов.* жаба куюнуу.
**ОКА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **окати́ть.**
**ОКА'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **окати́ться;** 2. *страд. к* **ока́чивать.**
**ОКАЯ'ННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* балакеттүү, каргыш тийген.
**ОКЕА'Н** *м.* океан; **Атланти́ческий океа́н** Атлантика океаны; ◇ **возду́шный океа́н** аба мейкиндиги.
**ОКЕАНОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **океанография**-*га т.*; океанографиялык.
**ОКЕАНОГРА'ФИЯ** *ж.* океанография (*жер шарынын деңиздерин, океандарын текшерүүчү физикалык географиянын бир бөлүгү*).
**ОКЕА'НСКИЙ,** -ая, -ое **океан**-*га т.*; **океа́нский парохо́д** океан пароходу.
**ОКИ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **оки́нуть.**
**ОКИ'НУТЬ** *сов.*: **оки́нуть взо́ром** көз чаптыруу, көз жиберүү, кароо.
**О'КИСЕЛ** *м. хим.* кычкыл (*химиялык элемент менен кислороддун кошулушу*).
**ОКИСЛЕ'НИЕ** *ср. хим.* кычкылдануу, кычкылдантуу (*заттын кислород менен кошулушу*); **реа́кция окисле́ния** кычкылдантуу же кычкылдануу реакциясы.
**ОКИСЛИ'ТЕЛЬ** *м. хим.* кычкылдантуучу, кычкылданткыч (*кычкылдантуучу зат*).
**ОКИСЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *хим.* кычкылдандыруучу.
**ОКИСЛИ'ТЬ** *сов. что, хим.* кычкылдантуу.
**ОКИСЛИ'ТЬСЯ** *сов. хим.* кычкылдануу.
**ОКИСЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **окисли́ть.**
**ОКИСЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **окисли́ться;** 2. *страд. к* **окисля́ть.**
**О'КИСЬ** *ж. хим.* кычкыл (*заттын орточо кычкылданышы*); **о́кись углеро́да** углерод кычкылы; **о́кись ци́нка** цинк кычкылы.
**ОККУПА'НТ** *м.* оккупант.
**ОККУПА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **оккупант**-*ка т.*; оккупанттык.
**ОККУПАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **оккупация**-*га т.*; оккупациялык; **оккупацио́нные войска́** оккупациялык аскерлер.
**ОККУПА'ЦИЯ** *ж.* оккупация (*башка бир мамлекеттин жерин аскер күчү менен басып алуу*).

www.bizdin.kg

**О'КОРОК** *м.* сан, сан эт; **копчёный о́корок** сүрсүгөн (ыштталган) сан эт.

**ОКОРОТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* кыскартып жиберүү, кыска кылып коюу; **окороти́ть пла́тье** көйнөктү кыскартып жиберүү.

**ОКОСТЕНЕВА'ТЬ** *несов. см.* **окостене́ть.**

**ОКОСТЕНЕ'ЛОСТЬ** *ж.* **1.** сөөккө айлангандык; сеппектик, катып калгандык; **болезненная окостене́лость па́льца** бармактын оорудан сенек болуп калышы; **2.** *перен.* ийкемдигин жоготкондук, өсүүгө (өрчүүгө) жөндөмдүүлүгүн жоготкондук.

**ОКОСТЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** сөөккө айланган; сенек болгон, сенейген, шал болгон; катып калган; **2.** (*окоченелый*) муздап катып калган, тоңуп зыңкыйып (колдоюп) калган; **3.** *перен.* ийкемдүүлүгүн жоготкон, сенек болуп катып калган, өсүүгө (өрчүүгө) жөндөмдүүлүгүн жоготкон.

**ОКОСТЕНЕ'НИЕ** *ср.* сөөккө айлануу; сенек болуу, катып калуу.

**ОКОСТЕНЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*отвердеть*) сөөккө айлануу; сенек болуу, катып калуу; **2.** (*окоченеть*) муздап зыңкыйып (колдоюп) калуу, зыңкыйып катып калуу; **3.** *перен.* (*стать косным*) эски бойдон катып калуу, жаңылыктарды кабыл кылуу жөндөмдүүлүгүнөн ажыроо.

**ОКО'Т** *м.* төлдөө (*кой, эчки, мышык ж. б. жөнүндө*).

**ОКОТИ'ТЬСЯ** *сов.* төлдөө (*мис. эчки, кой, мышык, кролик ж. б., бирок бодо мал эмес*).

**ОКОЧЕНЕВА'ТЬ** *несов. см.* **окочене́ть.**

**ОКОЧЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое муздап катып калган, тоңуп зыңкыйып калган, колдоюп калган.

**ОКОЧЕНЕ'ТЬ** *сов.* муздап зыңкыйып (колдоюп) калуу, зыңкыйып катып калуу.

**ОКО'ШКО** *ср. уменьш. от* **окно́** 1 *разг.* кичинекей терезе.

**ОКРА'ИНА** *ж.* **1.** чет, чет-жака; **окра́ина дере́вни** кыштактын чети; **окра́ины го́рода** шаардын чет-жакалары; **2.** *уст.* (*пограничная область*) чек арага жакын жерлер; **окра́ина страны́** өлкөнүн чек арага жакын жерлери.

**ОКРА'ИННЫЙ,** -ая, -ое **окраина**-*га т.*; **окра́инный райо́н** чет-жакадагы район.

**ОКРА'СИТЬ** *сов. что* **1.** (*покрыть краской*) боёо, сырдоо; **окра́сить сте́ны ма́сляной кра́ской** стеналарды май боёк менен сырдоо; **2.** *перен.* (*придать особый тон, оттенок*) өзгөчө түр берүү.

**ОКРА'СИТЬСЯ** *сов.* **1.** боёлуу, сырдалуу; **2.** *разг.* (*запачкаться краской*) боёкко булганып алуу.

**ОКРА'СКА** *ж.* **1.** (*действие*) боёо, сырдоо; **2.** (*цвет*) түс, ыраң; **пёстрая окра́ска** ала-була түс (ыраң); **све́тлая окра́ска стен** стеналардын ачык түсү; **3.** *перен.* (*оттенок*) түр; **стихи́ с лири́ческой окра́ской** бир аз лирикасы бар ыр.

**ОКРА'ШИВАНИЕ** *ср.* боёо, сырдоо.

**ОКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **окра́сить.**

**ОКРА'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **окра́ситься; 2.** *страд. к* **окра́шивать.**

**ОКРЕ'ПНУТЬ** *сов.* чыңдалуу, чыңалуу, бекүү, тыңуу, күчүнө кирүү, күч алуу; **его́ здоро́вье окре́пло** анын ден соолугу чыңдалды; **окре́пнуть в борьбе́** күрөштө күч алуу (чыңдалуу).

**ОКРЕСТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого, рел.* чокундуруу, чокунтуу (*христиан динине киргизүү*); **2.** *кого-что кем-чем, разг.* (*назвать*) ат коюу, ысым берүү.

**ОКРЕ'СТНОСТЬ** *ж. чаще мн.* айлана, тегерек, чөйрө, **краси́вые окре́стности** кооз айлана; **в окре́стностях го́рода** шаардын айланасында.

**ОКРЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое айланадагы, тегеректеги; **окре́стные колхо́зы** айланадагы колхоздор.

**ОКРИВЕ'ТЬ** *сов. разг.* бир көзү сокураюу.

**О'КРИК** *м.* **1.** *см.* **о́клик; 2.** (*резкое замечание*) жекирүү, жемелөө; **гру́бый о́крик** одоно жекирүү.

**ОКРИ'КНУТЬ** *сов. кого* кыйкырып чакыруу, кыйкырып токтотуу.

**ОКРОВА'ВИТЬ** *сов. кого-что* кан кылуу, кан жалатуу.

**ОКРОВА'ВИТЬСЯ** *сов. разг.* канга боёлуу, кан жалап калуу.

**ОКРОВА'ВЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **окрова́вить; 2.** *прил.* канга боёлгон; **окрова́вленный бинт** канга боёлгон бинт.

**ОКРОВА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **окрова́вить.**

**ОКРОВА'ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **окрова́виться; 2.** *страд. к* **окрова́вливать.**

**ОКРО'Л** *м.* бакма коёндун (кроликтин) тууту.

**ОКРОПИ'ТЬ** *сов. кого-что* чачыратуу,себээлөө, себээлеп чачуу.

**ОКРОПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **окропи́ть.**

**ОКРО'ШКА** *ж.* **1.** *кул.* окрошка (*бадыраң, пияз, эт жана бышкан жумуртка туууралган квас сорпосу*); **2.** *перен. разг.* (*беспорядочная смесь*) ар түрдүү нерселердин тартипсиз, баш аламан кошундусу.

**О'КРУГ** *м.* округ; **национа́льный о́круг** улут округу; **вое́нный о́круг** согуштук округ; **избира́тельный о́круг** шайлоо округу.

**ОКРУ'ГА** *ж. разг.* айланадагы жер.

**ОКРУГЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** тоголоктоо; тегерек кылуу; **2.** (*при счёте*) тегеректөө, жалпылоо.

**ОКРУГЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **округли́ть; 2.** *прил.* тегеректелген; **округлённый счёт** тегеректелген счёт.

**ОКРУГЛЕ'ТЬ** *сов. разг.* тегеректөө, тоголок кылуу, жумуру кылуу.

**ОКРУГЛИ'ТЬ** *сов. что* **1.** тегерек кылуу; **округли́ть гу́бы** ээрдин тегерек кылуу; **2.** тегеректөө, жалпылоо (*көп орундуу сандардын эң акыркы цифрасын алып ташта, нулга айландыруу*); **округли́ть счёт** санды тегеректөө.

**ОКРУГЛИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** тегерек болуу, тегерек формасына айлануу; **2.** тегеректелүү; **счёт округли́лся** счёт тегеректелди.

**ОКРУ'ГЛОСТЬ** *ж.* тегеректик.

**ОКРУ'ГЛЫЙ,** -ая, -ое тегерек; **окру́глое лицо́** тегерек бет.

**ОКРУГЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **округли́ть.**

**ОКРУГЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **округли́ться; 2.** *страд. к* **округля́ть.**

**ОКРУЖА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **окружи́ть; 2.** *перен.* тегеректөө, курчоо; **его́ окружа́ют друзья́** аны достору тегеректейт, ал достордун чөйрөсүндө жүрөт.

**ОКРУЖА'ЮЩЕЕ** *ср. см.* **окружа́ющий** 3.

**ОКРУЖА'ЮЩИЕ** *мн. см.* **окружа́ющий** 4.

**ОКРУЖА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **окружа́ть; 2.** *прил.* айланадагы; **окружа́ющая обстано́вка** айланадагы шарттар. **3.** *в знач. сущ. ср.* айланадагы; **всё окружа́ющее ра́довало его́** айланадагынын баары аны кубантты; **4.** *в знач. сущ.* **окружа́ющие** *мн.* айланадагылар.

**ОКРУЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) тегеректөө, курчоо, чулгоо, ороо, айландыра салуу, ортого алуу; **вы́йти из окруже́ния** курчоодон кутулуп чыгуу; **2.** (*то, что окружает*) курчоо (*айланадагы эл, нерсе, шарт*).

**ОКРУЖИ'ТЬ** *сов. кого-что чем* **1.** тегеректөө курчоо, чулгоо ороо, айландыра салуу, ортого алуу; **окружи́ть уча́сток рвом** участокту тегерете аң менен курчоо; **2.** *перен.* көңүл коюу, камкордук кылуу, камкордук жасоо; **окружи́ть внима́нием** *кого-л.* бирөөгө камкордук жасоо.

**ОКРУЖНО'Й,** -а́я, -о́е **1.** округдук; **окружна́я избира́тельная комиссия** округдук шайлоо комиссиясы; **2.** (*расположенный по окружности*) тегерете салынган; **окружна́я желе́зная доро́га** тегерете салынган темир жол.

**ОКРУ'ЖНОСТЬ** *ж.* **1.** *мат.* тегерек, айлана; **вписа́ть квадра́т в окру́жность** тегерек сызыктын ичине квадрат (чарчы) сызуу; **2.** *уст.* (*окружающая местность*) айлана.

**ОКРУ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* (*окрестный*) айланадагы, тегеректеги.

**ОКРУТИ'ТЬ** *сов. что чем, разг.* чырмоо, ороо.

www.bizdin.kg

**ОКРУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **окрути́ть.**

**ОКРЫЛИ'ТЬ** *сов. кого* көңүл эргитүү, жандандыруу, дем берүү; **успе́х окрыли́л его́** жетишкен ийгилик анын көңүлүн эргитти.

**ОКРЫЛИ'ТЬСЯ** *сов. чем* көңүлү көтөрүлүү, жагалдануу, эргүү; **окрыли́ться наде́ждой** үмүт менен көңүл көтөрүлүү.

**ОКРЫЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **окрыли́ть.**

**ОКРЫЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **окрыли́ться.**

**ОКРЫ'СИТЬСЯ** *сов. на кого-что, прост.* ачууланып (корс) жооп кайтаруу.

**ОКСИДИ'РОВАНИЕ** *ср.* оксидирлөө.

**ОКСИДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* оксидирлөө (*металлдын бетин дат басып бузулуудан сактоо үчүн жана кооз түс берүү үчүн жасалма жол менен кычкылдандыруу*); **оксиди́ровать серебро́** күмүштү оксидирлөө.

**ОКСИДИРО'ВКА** *ж.* **1.** (*действие*) оксидирлөө; **подве́ргнуть оксидиро́вке** оксидирлөө; **2.** (*слой*) оксидировка; **покры́ть оксидиро́вкой** оксидировка менен каптатуу.

**ОКТА'ВА** *ж.* октава (**1.** *муз. диатондук гаммалардын сегизинчи баскычы*; **2.** *муз. диатондук гаммалардын биринчи менен сегизинчи тондорунун арасындагы тондор*; **3.** *муз. эң төмөнкү бас*; **4.** *лит. үч рифмалуу сегиз жолдуу строфа*).

**ОКТА'ЭДР** *м.* октаэдр (*сегиз үч бурчтук менен чектелген сегиз кырдуу тело*).

**ОКТЕ'Т** *м. муз.* октет (*сегиз аткаруучу үчүн жазылган музыкалык чыгарма*).

**ОКТЯБРЁНОК** *м.* октябрёнок (*20-30 жылдарда СССРде — пионерге кирүүгө даярданып жүргөн, мектеп жашындагы кенже бала*).

**ОКТЯ'БРЬ** *м.* октябрь.

**ОКТЯ'БРЬСКИЙ,** -ая, -ое **октябрь**-*ге т.*; **Вели́кая Октя́брьская социалисти́ческая револю́ция** Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы.

**ОКУ'КЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **оку́клиться.**

**ОКУ'КЛИТЬСЯ** *сов. зоол.* личинкадан куурчакчага айлануу (*курттун оронуп жатып өсүү мезгили*).

**ОКУЛИ'РОВАНИЕ** *ср.* окулировка кылуу.

**ОКУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* окулировка кылуу.

**ОКУЛИРО'ВКА** *ж.* окулировка, улоо (*маданий жыгачтын күчүгүн жапайы жыгачтын бооруна отургузуу*).

**ОКУЛИ'СТ** *м.* окулист (*көз оорусу боюнча врач*).

**ОКУЛЯ'Р** *м.* окуляр (*оптикалык аспапта — караган кишинин көзү жагына келүүчү айнеги*).

**ОКУНА'ТЬ** *несов. см.* **окуну́ть.**

**ОКУНА'ТЬСЯ** *несов. см.* **окуну́ться.**

**О'КУНЕВЫЙ,** -ая, -ое **окунь**-*га т.*

**ОКУНУ'ТЬ** *сов. кого-что* малуу; **окуну́ть в во́ду** сууга малып алуу.

**ОКУНУ'ТЬСЯ** *сов.* малынуу, чөмүлүү; **окуну́ться с голово́й** башы менен чөмүлүү.

**О'КУНЬ** *м.* окунь (*балыктын бир түрү*).

**ОКУПА'ТЬ** *несов. см.* **окупи́ть.**

**ОКУПА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **окупи́ться; 2.** *страд. к* **окупа́ть.**

**ОКУПИ'ТЬ** *сов. что* чыккан чыгымын актоо, ордун басуу; **окупи́ть расхо́ды** жумшалган каражатты актоо.

**ОКУПИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** чыккан чыгымы акталуу, орду басылуу; **расхо́ды окупи́лись** жумшалган каражаттар акталды; **2.** *перен.* (*вознаградиться*) кайтуу, эсеби кайтуу; **труд окупи́лся** эмгек кайтты.

**ОКУ'РИВАНИЕ** *ср.* түтөтүү, түтүн менен каптатуу (ыштоо).

**ОКУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **окури́ть.**

**ОКУРИ'ТЬ** *сов. кого-что* түтөтүү, түтүн менен каптатуу (ыштоо); **оку́рить расте́ния** өсүмдүктөрдү түтүн менен каптатуу.

**ОКУ'РОК** *м.* папиростун калдыгы; **у́рна для оку́рков** папиростун калдыктарын салуу үчүн коюлган урна.

**ОКУ'ТАТЬ** *сов. кого-что* **1.** *чем* (*обернуть*) ороо, чулгоо; **оку́тать ше́ю ша́рфом** моюнду шарф менен ороо; **2.** *перен.* (*окружить*) каптоо, басуу; **тума́н оку́тал ро́щу** токойду туман каптады.

**ОКУ'ТАТЬСЯ** *сов.* **1.** оронуу, чулгануу; **2.** *перен.* капталуу, басылуу.

**ОКУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **оку́тать.**

**ОКУ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **оку́таться; 2.** *страд. к* **оку́тывать.**

**ОКУ'ЧИВАНИЕ** *ср.* чабык, чабык өткөрүү.

**ОКУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **оку́чить.**

**ОКУ'ЧИТЬ** *сов. что* чабык өткөрүү (*өсүмдүктүн түбүндөгү топурагын копшутуп, аны түбүнө үйүү*).

**ОЛА'ДЬИ** *мн.* (*ед.* **ола́дья** *ж.*) *куймактын бир түрү.*

**ОЛЕА'НДР** *м. бот.* олеандр (*дайыма көгөрүп туруучу өсүмдүктүн бир түрү*).

**ОЛЕДЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*покрытый льдом*) муз тоңгон муз баскан; **оледене́лая доро́га** муз баскан жол; **2.** *перен.* (*окоченелый*) сеңек болгон, колдоюп калган, тоңуп калган.

**ОЛЕДЕНЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*покрыться льдом*) муз болуп тоңуп калуу; **река́ оледене́ла** дарыя муз болуп тоңуп калды; **2.** *перен.* (*окоченеть*) үшүп кетүү; тоңуп кетүү; **ру́ки оледене́ли** кол үшүп кетти.

**ОЛЕИ'Н** *м.* олеин (**1.** *хим. майлуу суюк кислоталардын кошундусу*; **2.** *тех. самын жана стеарин өндүрүшүндө кошумча продукт*).

**ОЛЕИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **олеин**-*ге т.*; **олеи́новая кислота́** олеин кислотасы.

**ОЛЕНЕВО'Д** *м.* бугу багуучу, бугу өстүрүүчү.

**ОЛЕНЕВО'ДСТВО** *ср.* бугу багуучулук, бугу өстүрүүчүлүк.

**ОЛЕНЕВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое бугу багуучу, бугу өстүрүүчү; **оленево́дческий колхо́з** бугу багуучу (өстүрүүчү) колхоз.

**ОЛЕНЁНОК** *м.* (*мн.* **оленя́та**) бугунун музоосу.

**ОЛЕ'НИЙ,** -ья, -ье **олень**-*ге т.*; **оле́ньи рога́** бугунун мүйүзү; **оле́нья шку́ра** бугунун териси.

**ОЛЕ'НИНА** *ж.* бугу эти.

**ОЛЕ'НЬ** *м.* бугу; **се́верный оле́нь** түндүктө жашоочу бугу; **благоро́дный оле́нь** асыл бугу.

**ОЛЕОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **олеография**-*га т.*; олеографиялык.

**ОЛЕОГРА'ФИЯ** *ж.* олеография (**1.** *полигр. көп түстөгү боёк литографиясы*; **2.** *ошол жол менен басылган сүрөт*).

**О'ЛЕУМ** *м. хим.* олеум (*күкүрт кислотасынын бир түрү*).

**ОЛИ'ВА** *ж. бот.* зайтун (*жыгачы жана жемиши*).

**ОЛИ'ВКА** *ж. разг.* зайтун; *см.* **оли́ва.**

**ОЛИ'ВКОВЫЙ,** -ая, -ое **1.** **оливка**-*га т.*; **оли́вковое ма́сло** зайтун майы; **оли́вковое де́рево** зайтун жыгачы. **2.** (*о цвете — жёлто-зелёный*) саргыч жашыл; **оли́вковый цвет** саргыч жашыл түс; ◇ **оли́вковая ветвь** зайтун бутагы (*тынчтыктын символу*).

**ОЛИГАРХИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **олигархия**-*га т.*; олигархиялык.

**ОЛИГА'РХИЯ** *ж.* **1.** олигархия (*кичине гана бир топ аристократтар же капиталисттер, финансылык магнаттар башкарган саясий жана экономикалык үстөмдүк*); **фина́нсовая олига́рхия** финансылык олигархия; **2.** олигархия (*ушундай жол менен башкарылган мамлекет*).

**ОЛИ'МП** *м. миф.* Олимп (*байыркы грек мифологиясында — кудайлардын турган жери*).

**ОЛИМПИА'ДА** *ж.* олимпиада (*спорттук жарыштар*).

**ОЛИМПИ'ЕЦ** *м.* **1.** *миф.* олимпиец (*байыркы грек мифологиясында — Олимпте туруучу кудай*); **2.** *перен.* (*величаво-спокойный человек*) оор басырыктуу мыкты киши.

www.bizdin.kg

**ОЛИМПИ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое: **олимпийские игры** олимпиада оюндары; **олимпийское спокойствие** *перен.* кабагым-кашым дебеленбик, тэкыр эле камыркабагандык.

**ОЛИ'ФА** *ж.* олифа (*май боёктор жасоо үчүн кайнатылган зыгыр же кара куурай майы*).

**ОЛИЦЕТВОРЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) элестетүү, элестетип көрсөтүү (*табият күчтөрүн жана кубулуштарын жандуу нерсе катарында көрсөтүү*); **2.** (*воплощение*) так эле өзү, так өзү; **он — олицетворе́ние доброты́** ал — айрайымдуулуктун так эле өзү.

**ОЛИЦЕТВОРИ'ТЬ** *сов. что* элестетүү, элестетип көрсөтүү (*бир нерсени жандуу нерсе катарында көрсөтүү*).

**ОЛИЦЕТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **олицетвори́ть.**

**О'ЛОВО** *ср.* калай (*күмүш түстүү, жумшак ак металл*).

**ОЛОВЯ'ННЫЙ**, -ая, -ое **олово**-*го т.*; **оловя́нная ло́жка** калай кашык.

**О'ЛУХ** *м. груб.* кеңкелес, макоо, акмак.

**ОЛЬХА'** *ж.* ольха (*кайың тукумуна кирүүчү жыгачтын бир түрү*).

**ОЛЬХО'ВЫЙ**, -ая, -ое **ольха**-*га т.*; **ольхо́вый стол** ольхадан жасалган стол.

**ОЛЬША'НИК** *м.* ольха жыгачынын токою, ольха жыгачы калың чыккан жер.

**ОМ** *м. физ.* ом (*электр өткөргүчтүн каршылыгын өлчөгүч единица*).

**ОМА'Р** *м. зоол.* омар (*деңизде жашоочу чоң рак*).

**ОМЕ'ГА** *ж.* омега (*грек алфавитинин акыркы тамгасы*); ◇ **а́льфа и оме́га** башы жана аягы; **от а́льфы до оме́ги** башынан аягына чейин, баары толук бойдон.

**ОМЕ'ЛА** *ж.* омела (*ууктургуч ак жемиши бар, дайыма жашыл болуп туруучу өсүмдүк*).

**ОМЕРЗЕ'НИЕ** *ср.* жийиркенүү, жийиркентүү, көкөйгө тийүү; **чу́вство омерзе́ния** жийиркенүү сезими.

**ОМЕРЗИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* жаман, жийиркенгидей.

**ОМЕРЗИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* жийиркеничтик.

**ОМЕРЗИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жийиркенткич, көкөйгө тийүүчү; **омерзи́тельный посту́пок** жийиркенткич кылык.

**ОМЕРТВЕ'ЛОСТЬ** *ж.* сенектик, жаны жоктук.

**ОМЕРТВЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое өлгөн, жаны жок, сенек болуп калган.

**ОМЕРТВЕ'НИЕ** *ср.* жансыз болуу, жансыз болуп калыш, сенек болуу; **омертве́ние тка́ней** ткандардын жансыз болуп калышы.

**ОМЕРТВЕ'ТЬ** *сов.* өлүү, жансыз болуу, сенек болуу.

**ОМЕРТВИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*сделать нечувствительным*) сезимсиз кылуу, жансыз кылуу; **омертви́ть ткань** тканды сезимсиз кылуу; **2.** *эк.* (*исключить из хозяйственного оборота*) пайдаланбай таштап коюу (*мис. акча*); **омертви́ть капита́л** капиталды пайдаланбай таштап коюу.

**ОМЕРТВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **омертви́ть.**

**ОМЁТ** *м.* сары кыр, үймөк (*саман*).

**ОМЛЕ'Т** *м.* омлет (*сүт, ун кошуп чалып бышырган жумуртка*).

**О'МНИБУС** *м. уст.* омнибус (*киши ташуучу чоң араба*).

**ОМОВЕ'НИЕ** *ср. уст.* жуунуу.

**ОМОЛА'ЖИВАНИЕ** *ср.* жашаруу, жашартуу.

**ОМОЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **омолоди́ть.**

**ОМОЛА'ЖИВАТЬСЯ** *несов* **1.** *см.* **омолоди́ться; 2.** *страд. к* **омола́живать.**

**ОМОЛОДИ'ТЬ** *сов. кого-что* жашартуу; **омолоди́ть органи́зм** организмди жашартуу.

**ОМОЛОДИ'ТЬСЯ** *сов.* жашаруу.

**ОМОЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* жашаруу, жашартуу, мурункусуван жаш кылуу.

**ОМО'НИМ** *м. лингв.* омоним (*айтылышы бирдей, бирок мааниси, келип чыгышы башка сөздөр; мис. кыргызча «кой», «ат» сыяктуу бир нече башка маанилүү сөздөр*).

**ОМОНИ'МИКА** *ж. лингв.* омонимика (**1.** *тил илиминде омонимдерди үйрөнүүчү бир бөлүк;* **2.** *кандайдыр бир тилдеги омонимдердин жыйындысы*).

**ОМОНИМИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **омоним**-*го*, **омонимика**-*га т.*; омонимикалык.

**ОМОНИМИ'Я** *ж. лингв.* омонимия (*мааниси да, келип чыгышы да ар башка болгон сөздөрдүн айтылыш жагынан окшоштугу*).

**ОМОЧИ'ТЬ** *сов. что, уст.* чылоо, суу кылуу; **омочи́ть слеза́ми** көз жашы менен суу кылуу.

**ОМРАЧА'ТЬ** *несов. см.* **омрачи́ть.**

**ОМРАЧА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **омрачи́ться; 2.** *страд. к* **омрача́ть.**

**ОМРАЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* капалантуу, капа кылуу, кайгылантуу; **омрачи́ть настрое́ние** көңүлүн капа кылуу; **омрачи́ть чью-л. ра́дость** бирөөнүн кубанычын басып капа кылуу.

**ОМРАЧИ'ТЬСЯ** *сов.* капалануу, капа болуу, кайгылануу; **его́ лицо́ омрачи́лось** анын өңү капаланды.

**О'МУЛЬ** *м. зоол.* омуль (*лосось балыгынын бир түрү*).

**О'МУТ** *м.* **1.** (*водоворот*) ирим, айланпа; **утону́ть в о́муте** иримге чөгүп кетүү; **2.** (*глубокая яма на дне реки или озера*) терең чуңкур (*дайра же көлдүн түбүндөгү*); **3.** *перен.* айланпа; кучагында, арасында; **в о́муте собы́тий** окуялардын айланпасында (кучагында); ◇ **в ти́хом о́муте че́рти во́дятся** *посл.* жооштон жоон чыгат.

**ОМША'НИК** *м.* омшаник (*аарыларды кыштатуу үчүн даярдалган жылуу жай*).

**ОМЫВА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **омы́ть; 2.** *что* жанынан агып өтүү, суу курчап туруу; **мо́ре омыва́ет о́стров** аралды деңиз курчап турат.

**ОМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **омы́ться; 2.** *страд. к* **омыва́ть.**

**ОМЫЛЕ'НИЕ** *ср. хим.* самындануу, самындантуу (*органикалык заттарды щёлочь же суу менен ажыратуу*).

**ОМЫ'ТЬ** *сов. кого-что, уст.* жууш, жуу.

**ОМЫ'ТЬСЯ** *сов. уст.* жуунуу.

**ОН** *мест. личн.* ал.

**ОНА'** *мест. женск. р. к* **он.**

**ОНА'ГР** *м. зоол.* онагр (*жапайы эшек*).

**ОНАНИ'ЗМ** *м.* онанизм (*бир нерсеге ышкуу аркылуу бойдон кетирүү*).

**ОНАНИ'СТ** *м.* онанист (*бир нерсеге ышкуу аркылуу бойдон кетирүүчү адам*).

**ОНДА'ТРА** *ж.* ондатра (*териси кымбат кемирүүчүлөрдүн бир түрү*).

**ОНЕМЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*немой*) дудук болгон, сүйлөбөй калган; **2.** *перен.* (*оцепенелый*) сенейип калган; уктап калган; **онеме́лые но́ги** уктап калган бут.

**ОНЕМЕ'НИЕ** *ср.* **1.** дудук болуу; тилден калуу; **вре́менное онеме́ние по́сле конту́зии** контузиядан кийин убактынча тилден калуу; **2.** *перен.* (*оцепенение*) сенейип калуу.

**ОНЕМЕ'ТЬ** *сов.* **1.** сөз айта албай калуу, дудук болуп калуу; **онеме́ть от удивле́ния** таң калганынан эчтеме айта албай калуу; **2.** *перен.* (*оцепенеть*) камтууга келбей калуу, сенейип катып калуу, уктап калуу; **па́льцы ног онеме́ли** буттун бармактары уктап калды.

**ОНИ'** *мест. личн.* алар.

**О'НИКС** *м. мин.* оникс (*агаттын бир түрү*).

**ОНКО'ЛОГ** *м.* онколог (*онкология боюнча специалист*).

**ОНКОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **онкология**-*га т.*; онкологиялык.

**ОНКОЛО'ГИЯ** *ж. мед.* онкология (*коркунучтуу шишиктер жөнүндөгү илим*).

**ОНО'** *мест. ср. от* **он;** ◇ **вот оно́ что!** ушундай экен да!

**ОНОМА'СТИКА** *ж. лингв.* ономастика (**1.** *энчилүү аттардын жыйындысы;* **2.** *тил илиминде — энчилүү аттарды үйрөнүүчү бөлүм*).

**ОНОМАТОЛО'ГИЯ** *ж. см.* **онома́стика 2.**

www.bizdin.kg

ра́ция банкалык операция, банк операциясы; **почто́вая опера́ция** почта операциясы, почталык операция.

**ОПЕРЕДИ́ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*обогнать*) чыгып кетүү; **опереди́ть** *кого-л.* **в спорти́вном соревнова́нии** спорттук мелдеште *бирөөдөн* чыгып кетүү; 2. *перен.* (*превзойти*) озуп кетүү, алдыга өтүп кетүү.

**ОПЕРЕЖА́ТЬ** *несов. см.* **опереди́ть.**

**ОПЕРЕ́НИЕ** *ср.* куштун жүнү; **опере́ние пти́цы** куштун жүнү; ◊ **хвостово́е опере́ние** *ав.* куйрук жагы (*самолётту башкарып жүрүүдө туруктуулугун түзүүчү, анын куйрук жагындагы тик жана туура жалпактык*).

**ОПЕРЕ́ТКА** *ж. разг. см.* **опере́тта.**

**ОПЕРЕ́ТОЧНЫЙ**, -ая, -ое **оперетта**-*га т.*; **опере́точный арти́ст** оперетта артисти.

**ОПЕРЕ́ТТА** *ж.* оперетта (*ыр менен кара сөз кезектешип айтылган, күлкүлүү операнын бир түрү; музыкалуу комедия*).

**ОПЕРЕ́ТЬ** *сов. что* таёо, жөлөө.

**ОПЕРЕ́ТЬСЯ** *сов. на кого-что* 1. таянуу, жөлөнүү, сүйөнүү; **опере́ться на па́лку** таякка жөлөнүү; 2. *перен.* таянуу, ишенүү; **опере́ться на подде́ржку това́рищей** жолдошторунун колдоосуна таянуу.

**ОПЕРИ́РОВАТЬ** 1. *сов. и несов. кого-что* операция кылуу; **опери́ровать больно́го** оору кишини операция кылуу; 2. *несов.* операция жүргүзүү (*стратегиялык тапшырманы аткаруу; согуштук операция жүргүзүү*); **опери́ровать в тылу́ у проти́вника** душмандын тылында согуштук операция жүргүзүү; 3. *несов. чем, перен.* пайдалануу; **опери́ровать то́чными све́дениями** так маалыматтарга таянып иш кылуу.

**ОПЕРИ́ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о птицах*) ак күп болуу, түлөп жаңы жүн чыгуу (*куш жөнүндө*); 2. *перен.* чоңоюп (эс-акыл кирип) өз алдынча болуу.

**О́ПЕРНЫЙ**, -ая, -ое **опера**-*га т.*; оперbegалык; **о́перный теа́тр** опера театры; **о́перный репертуа́р** опералык репертуар; **о́перный певе́ц** опералык обончу.

**ОПЕРЯ́ТЬСЯ** *несов. см.* **опери́ться.**

**ОПЕЧА́ЛИТЬ** *сов. кого* капа кылуу, кайгыртуу, кайгыга түшүрүү, убайым чектирүү; **опеча́лить** *кого-л.* **отка́зом** *бирөөнүн* суроосун канааттандырбай капа кылуу.

**ОПЕЧА́ЛИТЬСЯ** *сов.* капалануу, капа болуу, кайгыруу, кайгылануу, убайым тартуу.

**ОПЕЧА́ТАТЬ** *сов. что* печаттоо, печать басуу (*бийлик органы тарабынан үйгө, шкафка, дүкөнгө, кампага ж. б. ичине киргис кылып печать басуу*); **опеча́тать кварти́ру** квартираны печаттоо.

**ОПЕЧА́ТКА** *ж.* опечатка, ката (*басмадан кеткен ката*); **спи́сок опеча́ток** каталардын тизмеси; **в текст вкра́лась опеча́тка** текстте ката кетиптир.

**ОПЕЧА́ТЫВАНИЕ** *ср.* печаттоо, печатталуу, печать басуу (*см.* **опеча́тать**).

**ОПЕЧА́ТЫВАТЬ** *несов. см.* **опеча́тать.**

**ОПЕ́ШИТЬ** *сов. разг.* шашуу, шашып калуу, шашкалактоо.

**ОПИВА́ТЬСЯ** *несов. см.* **опи́ться.**

**ОПИ́ВКИ** *только мн. разг.* идиштин түбүндө калган саркыт (саркынды), ичкенден калган ичкиликтин калдыгы.

**О́ПИЙ** *м. см.* **о́пиум.**

**О́ПИЙНЫЙ**, -ая, -ое **опиум**-*га т.*; апийимдик; **о́пийный мак** апийим (*апийим өсүмдүгү*).

**ОПИ́ЛКИ** *только мн.* таарынды, таарыгандан түшкөн күкүм; **древе́сные опи́лки** жыгачтын таарындысы; **металли́ческие опи́лки** металл таарындысы.

**ОПИРА́ТЬ** *несов. см.* **опере́ть.**

**ОПИРА́ТЬСЯ** *несов. см.* **опере́ться; опира́ться на наро́дные ма́ссы** эл массаларына таянуу.

**ОПИСА́НИЕ** *ср.* жазуу, сүрөттөө, баяндап жазуу, баяндап айтуу; **э́то не поддаётся описа́нию** муну жазып (айтып) түшүндүрүүгө сөз жетпейт; **описа́ние путеше́ствия** саякатты баяндап жазуу; **описа́ние приме́т** белгилерин баяндап жазуу (айтуу).

**ОПИ́САННЫЙ** 1. *прич. от* **описа́ть;** 2. *прил. мат.* бардык бурчтары тегерек сызыкка тийип турган.

**ОПИСА́ТЕЛЬНО** *нареч.* баяндап жазуу (айтуу) формасында; **перевести́ описа́тельно** түшүндүрмөлүү түрдө которуу.

**ОПИСА́ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое баяндап жазылган, баяндап айтылган, баяндоо түрүндөгү; **описа́тельная поэ́ма** баяндоо түрүндөгү поэма.

**ОПИСА́ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* баяндап жазуу, баяндап айтуу; жазып чыгуу, баяндап жазып чыгуу; **кра́сочно описа́ть собы́тия** окуяны эң сонун баяндап жазуу; **описа́ть ме́стный го́вор** жергиликтүү говорду жазып чыгуу; **описа́ть дре́внюю ру́копись** байыркы кол жазманы баяндап жазып чыгуу; 2. *что, юр.* опись жүргүзүү, каттоо, жазуу; **описа́ть** *чьё-л.* **иму́щество** *бирөөнүн* мүлкүн каттоо; 3. *что, мат.* ичине ала сызуу, тегерете сызуу; **описа́ть окру́жность вокру́г квадра́та** квадраттын айланасын тегерете сызуу.

**ОПИСА́ТЬСЯ** *сов.* жаңылыш жазып коюу, жазууда жаңылыштык кетирүү.

**ОПИ́СКА** *ж.* жаңылыш жазуу, жазуудагы жаңылыштык.

**ОПИ́СЫВАТЬ** *несов. см.* **описа́ть.**

**ОПИ́СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **описа́ться;** 2. *страд. к* **опи́сывать.**

**О́ПИСЬ** *ж.* 1. *юр.* опись (*мүлк, буюмдардын эсебин алуу үчүн каттоо*); **произвести́ о́пись иму́щества** мүлктүн эсебин алуу үчүн опись жүргүзүү; 2. (*список*) тизме; **прове́рить по о́писи** тизме боюнча текшерүү; **соста́вить о́пись всех дел** делолордун бардыгын тизмеге салуу.

**ОПИ́ТЬСЯ** *сов. разг.* ашык ичип жиберип ооруп калуу.

**О́ПИУМ** *м.* 1. апийим; 2. *перен.* баш айлантуучу зыяндуу нерсе; **рели́гия — о́пиум для наро́да** дин — элдин башын айлантуучу зыяндуу нерсе.

**О́ПИУМНЫЙ**, -ая, -ое **опиум** 1-*ге т.*; апийимдик.

**ОПЛА́КАТЬ** *сов. кого-что* ыйлоо, кошуп ыйлоо.

**ОПЛА́КИВАНИЕ** *ср.* ыйлоо, кошуп ыйлоо.

**ОПЛА́КИВАТЬ** *несов. см.* **опла́кать.**

**ОПЛА́ТА** *ж.* 1. (*действие*) төлөө, акы төлөө, баасын төлөө; **опла́та труда́** эмгек акы төлөө; 2. (*плата*) төлөнө турган акы.

**ОПЛАТИ́ТЬ** *сов. кого-что* төлөө, акы төлөө, баасын төлөө; **оплати́ть рабо́ту** иштелген иш үчүн акы төлөө; **оплати́ть консульта́цию** консультация үчүн акы төлөө; **оплати́ть счёт** счёт боюнча төлөө.

**ОПЛА́ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **оплати́ть;** 2. *прил.* төлөнгөн, акысы төлөнгөн, баасы төлөнгөн; **опла́ченный счёт** акчасы төлөнгөн счёт.

**ОПЛА́ЧИВАТЬ** *несов. см.* **оплати́ть.**

**ОПЛЕВА́ТЬ** *сов. кого-что, разг.* 1. жаба түкүрүү; 2. *перен.* (*оскорбить*) жаманатты кылуу.

**ОПЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **оплева́ть.**

**ОПЛЕСТИ́** *сов.* 1. *что* сыртынан тор менен каптоо (*мис. бутылканын сыртынан чырпык тор менен каптоо*); 2. *кого, перен.* (*опутать, обмануть*) алдоо, бирөөнүн көзүн будамайлоо, тузактоо.

**ОПЛЕТА́ТЬ** *несов. см.* **оплести́.**

**ОПЛЕУ́ХА** *ж. груб.* жаакка бар салуу.

**ОПЛЕШИ́ВЕТЬ** *сов.* кашка баш болуу.

**ОПЛОДОТВОРЕ́НИЕ** *ср.* уруктануу, уруктантуу (*эркектин уругу ургаачынын уругу менен биригиши*).

**ОПЛОДОТВОРИ́ТЬ** *сов. кого-что* уруктантуу, уруктандыруу.

**ОПЛОДОТВОРИ́ТЬСЯ** *сов.* уруктануу, урук байлоо.

**ОПЛОДОТВОРЯ́ТЬ** *несов. см.* **оплодотвори́ть.**

www.bizdin.kg

**ОПЛОДОТВОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **оплодотвори́ться;** **2.** *страд. к* **оплодотворя́ть.**

**ОПЛОМБИРОВА'ТЬ** *сов. что* пломбалоо, пломба салып бекитүү; **опломбирова́ть склад** складды пломба салып бекитүү

**ОПЛОМБИРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **опломбирова́ть.**

**ОПЛО'Т** *м.* тирек, таяныч, коргоо; **опло́т ми́ра** тынчтыктын тиреги.

**ОПЛОША'ТЬ** *сов. разг.* жаңылышуу, жаңылыш иш кылуу, байкабастык кылуу.

**ОПЛО'ШНОСТЬ** *ж.* жаңылыштык, жаңылыш иш, байкабай кылган жаңылыштык; **допусти́ть опло́шность** жаңылыштык кетирүү.

**ОПЛЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **опльі́ть** I.

**ОПЛЫВА'ТЬ** II *несов. см.* **опльі́ть** II.

**ОПЛЫ'ТЬ** I *сов.* **1.** (*ожиреть, отечь*) балбырап шишип калуу (*өтө семирген кишинин бети же шишимек тарткан бет*); **2.** (*о свече*) эрип агуу (*мис. шам*); **3.** (*обвалиться от оползня*) урап (жемирилип) кетүү (*мис. жер көчүүдөн*); **бе́рег опльі́л** жээк урап (жемирилип) кетти.

**ОПЛЫ'ТЬ** II *сов. что* (*проплыть вокруг чего-л.*) сүзүп айлануу, айлана сүзүп чыгуу.

**ОПОВЕСТИ'ТЬ** *сов. кого* кабардандыруу, кабар берүү, жарыя кылуу; **оповести́ть всех о собра́нии** чогулуш жөнүндө бардыгына кабар берүү.

**ОПОВЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **оповести́ть.**

**ОПОВЕЩЕ'НИЕ** *ср.* кабардандыруу, кабар берүү, жарыя кылуу.

**ОПОГА'НИВАТЬ** *несов. см.* **опога́нить.**

**ОПОГА'НИТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* (*загрязнить*) булгоо, ыпылас кылуу, арам кылуу; **опога́нить ведро́** чаканы булгоо; **2.** *кого-что, перен.* (*осквернить*) кор кылуу; кордоо.

**ОПО'ЕК** *м.* музоонун терисинен жасалган булгаары.

**ОПОЗДА'ВШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **опозда́ть;** **2.** *в знач. сущ. м., ж.* кечиккен, кеч калган.

**ОПОЗДА'НИЕ** *ср.* кечигүү, кечиктирүү, кечигип калуу; **по́езд пришёл с опозда́нием** поезд кечигип келди.

**ОПОЗДА'ТЬ** *сов.* **1.** (*прибыть позже, чем нужно*) кечигүү; **опозда́ть на уро́к** сабакка кечигүү; **по́езд опозда́л на пять мину́т** поезд беш минутага кечикти; **2.** (*выполнить позже, чем нужно*) кечиктирүү; **опозда́ть с представле́нием спи́сков** тизмелерди берүүнү кечиктирүү.

**ОПОЗНАВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **опознание**-*ге т.*; таанууга (ажыратып билүүгө) арналган; **опознава́тельные зна́ки** таануу белгилери.

**ОПОЗНАВА'ТЬ** *несов. см.* **опозна́ть.**

**ОПОЗНА'НИЕ** *ср.* таануу.

**ОПОЗНА'ТЬ** *сов. кого-что* таануу; **опозна́ть свои́ ве́щи** өзүнүн буюмдарын таануу.

**ОПОЗО'РИТЬ** *сов. кого-что* маскара кылуу, маскаралоо, абийирин кетирүү, шерменде кылуу, шермендесин чыгаруу.

**ОПОЗО'РИТЬСЯ** *сов.* маскара болуу, абийири төгүлүү, шерменде болуу.

**ОПОИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*чрезмерно напоить*) ашыра сугаруу, көп ичирип жиберүү; **2.** *уст.* (*отравить*) билдирбей уу ичирүү.

**ОПО'ЙКОВЫЙ,** -ая, -ое музоонун терисинен жасалган булгаарыдан тигилген; **опо́йковые сапоги́** музоонун терисинен жасалган булгаарыдан тигилген өтүк.

**ОПО'КА** *ж.* опока (**1.** *геол. сууга эригич кремнезёмго бай болгон майда таштуу порода*; **2.** *тех. бир нерсени куюу үчүн даярдалган топурак формалуу рама*).

**ОПОЛА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **ополосну́ть.**

**ОПОЛЗА'ТЬ** I *несов. см.* **оползти́** I.

**ОПОЛЗА'ТЬ** II *несов. см.* **оползти́** II.

**О'ПОЛЗЕНЬ** *м. геол.* көчүү, жер көчкү.

**О'ПОЛЗНЕВЫЙ,** -ая, -ое **оползень**-*ге т.*; **о́ползневые движе́ния го́рных поро́д** тоо породаларынын жылышуу кыймылдары.

**ОПОЛЗТИ'** I *сов.* (*обвалиться*) көчүү (*жер, кар*).

**ОПОЛЗТИ'** II *сов.* (*вокруг кого-чего-л.*) айлана жылуу, жылып айлануу.

**ОПОЛОСКА'ТЬ** *сов. разг. см.* **ополосну́ть.**

**ОПОЛОСНУ'ТЬ** *сов. что* суу менен чайкоо; **ополосну́ть ча́шки** табактарды суу менен чайкоо.

**ОПОЛОУ'МЕТЬ** *сов. прост.* акылынан адашуу; **ополоу́меть от стра́ха** корккондо акылынан адашуу.

**ОПОЛЧА'ТЬ** *несов. см.* **ополчи́ть.**

**ОПОЛЧА'ТЬСЯ** *несов. см.* **ополчи́ться.**

**ОПОЛЧЕ'НЕЦ** *м. воен.* ополченец (*ополчение составындагы киши*).

**ОПОЛЧЕ'НИЕ** *ср. воен.* ополчение (*регулярдык армияга жардам берүү үчүн, көбүнчө, өз эрки менен жыйналган войско*); **наро́дное ополче́ние** элдик ополчение; **пойти́ в ополче́ние** ополчениеге кирүү.

**ОПОЛЧЕ'НСКИЙ,** -ая, -ое **ополчение**-*ге*, **ополченец**-*ке т.*; ополчениелик.

**ОПОЛЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** *уст.* (*вооружить*) каршы куралдандыруу; **2.** *перен.* (*восстановить против кого-л.*) биреөгө кайроо, кайраштыруу, каршы кылуу, тукуруу.

**ОПОЛЧИ'ТЬСЯ** *сов. на кого-что, против кого-чего* **1.** (*вооружиться*) биреөгө каршы куралдануу, каршы куралдануу, аттануу; **2.** *перен.* каршы чыгуу, ызырынып каршы чыгуу; **ополчи́ться про́тив некульту́рности** маданиятсыздыкка каршы чыгуу.

**ОПО'МНИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*прийти в сознание*) эсине келүү, эс алуу, эсин жыюу; **2.** (*одуматься*) акылына келүү, ойлонуп көрүү; **опо́мнись, пока́ не по́здно** убакыт өтө электе ойлонуп көр.

**ОПО'Р** *м.*: **во весь опо́р** жанынын бардыгынча; **мча́ться во весь опо́р** жанынын бардыгынча чуркоо, чабуу.

**ОПО'РА** *ж.* **1.** таяныч, таганчык, жөлөк; **то́чка опо́ры** таяныч точкасы; **2.** *перен.* таяныч, дем, ишенич; **ста́рший сын — опо́ра семьи́** улуу уул — үй-бүлөнүн таянычы.

**ОПОРА'ЖНИВАТЬ** *несов. см.* **опоро́жнить.**

**ОПОРА'ЖНИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **опоро́жниться;** **2.** *страд. к* **опора́жнивать.**

**ОПО'РКИ** *мн.* (*ед.* **опо́рок** *м.*) **1.** (*короткая обувь*) кончун кесип таштап кепичтей кылып кийген бут кийим; **2.** (*рваная обувь*) жыртык бут кийим.

**ОПО'РНЫЙ,** -ая, -ое таяныч, таканчык, тирек боло алардык; **опо́рная ба́лка** тирек болуп турган устун; ◇ **опо́рный пункт** *воен.* таяныч пункуту (*кандайдыр бир согуш аракеттери үчүн база болгон чеп*).

**ОПОРО'ЖНИТЬ** *сов. что* бошотуу; **опоро́жнить буты́лку** бөтөлкөнү бошотуу; **опоро́жнить мешо́к** капты бошотуу.

**ОПОРО'ЖНИТЬСЯ** *сов.* бошотулуу; **бо́чка опоро́жнилась** бочка бошотулду.

**ОПОРОЖНЯ'ТЬ** *несов. см.* **опоро́жнить.**

**ОПОРОЖНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **опорожниться;** **2.** *страд. к* **опорожня́ть.**

**ОПОРО'С** *м.* туут (*чочко жөнүндө*).

**ОПОРОСИ'ТЬСЯ** *сов.* тууш (*чочко жөнүндө*).

**ОПОРО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **опоро́чить.**

**ОПОРО'ЧИТЬ** *сов. кого-что* жаманатты кылуу, жаман атка кондуруу.

**ОПОСТЫ'ЛЕТЬ** *сов. кому, разг.* жадатып жиберүү, жек көрүндү болуу.

**ОПОХМЕЛИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* похмел кылуу, баш жазуу (*ичкилик ичкендин эртеси күнү кайта бир аз ичүү*).

**ОПОХМЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **опохмели́ться.**

**ОПОЧИ'ТЬ** *сов. уст.* **1.** (*уснуть*) уйкуга кетүү; **2.** *перен.* (*умереть*) көзү жумулуу (*өлүп калуу*).

**ОПОШЛЕ'НИЕ** *ср.* бурмалап жаман жагына алып баруу, көрүнүштүн маанисине түшүнө албай аны одонолоштуруу, жөнөкөйлөштүрүү.

www.bizdin.kg

**ОПО'ШЛИТЬ** *сов. кого-что* бурмалап жаман жагына буруу, көрүнүштүн маанисине түшүнө албай аны одонолоштуруу, жөнөкөйлөштүрүү.

**ОПО'ШЛИТЬСЯ** *сов.* бурмаланып жаман жагына айлануу.

**ОПОШЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **опо́шлить.**

**ОПОШЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опо́шлиться;** 2. *страд. к* **опошля́ть.**

**ОПОЯ'САТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*надеть пояс*) кур курчоо; 2. *кого-что* (*надеть оружие на пояс*) куруна курал асуу (байлоо); **опоя́сать** *кого-л.* **мечо́м** *бировнүн* белине кылыч асуу; 3. *что, перен.* (*окружить*) курчоо; **река́ опоя́сала дере́вню** кыштакты суу курчады.

**ОПОЯ'САТЬСЯ** *сов.* 1. (*надеть пояс*) кур курчануу; 2. (*надеть оружие на пояс*) куруна курал асынуу.

**ОПОЯ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **опоя́сать.**

**ОПОЯ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опоя́саться;** 2. *страд. к* **опоя́сывать.**

**ОППОЗИЦИОНЕ'Р** *м.* оппозиционер (*оппозицияга катышуучу*).

**ОППОЗИЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **оппозиция**-*га т.*; оппозициялык; **оппозицио́нная группиро́вка** оппозициялык группировка.

**ОППОЗИ'ЦИЯ** *ж.* 1. (*противодействие, сопротивление*) оппозиция (*карши аракет*); 2. оппозиция (*кандайдыр бир партиянын ичинде анын көпчүлүгүнө каршылык көрсөтүү саясатын жүргүзгөн топ*); **парла́ментская оппози́ция** парламенттик оппозиция.

**ОППОНЕ'НТ** *м.* оппонент (*илимий темада болгон көпчүлүк алдындагы аңгеме, диспуттарда бировгө карши чыгып сүйлөөчү киши*).

**ОППОНИ'РОВАТЬ** *несов.* оппонент болуу (*илимий темада болгон көпчүлүк алдындагы аңгеме, диспуттарда бировгө карши чыгып сүйлөө*); **оппони́ровать диссерта́нту** диссертация жактаган кишиге оппоненттик кылуу (*илимий ишине баа берүү*); **оппони́ровать докла́дчику** докладчыга оппонент болуу.

**ОППОРТУНИ'ЗМ** *м.* оппортунизм (*жумушчулар уюмдарында буржуазиянын агентурасы жүргүзгөн саясат — пролетариаттын таптык таламдарын буржуазиянын таламдарына багынтуу саясаты, буржуазия менен келишүүчүлүк саясаты жана жумушчу табынын таламдарына чыккынчылык кылуу саясаты*).

**ОППОРТУНИ'СТ** *м.* оппортунист (*оппортунизмди жактоочу*).

**ОППОРТУНИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое оппортунисттик.

**ОППОРТУНИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **оппортунист**-*ке т.*; оппортунисттик.

**ОПРА'ВА** *ж.* алкак (*жээк, курбу, кыргак*); **опра́ва для очко́в** көз айнектин алкагы.

**ОПРАВДА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) актоо, актануу, ак деп табуу; 2. (*довод*) себеп; **найти́ оправда́ние** себеп табуу.

**ОПРАВДА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое актоочу; **оправда́тельный пригово́р** актоочу өкүм; **оправда́тельные докуме́нты** актоочу документтер.

**ОПРАВДА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* актоо, ак деп табуу; **оправда́ть подсуди́мого** сот жообуна тартылган кишини ак деп табуу; 2. *что чем* «тан деп табуу (*кандайдыр бир себеп менен ушундай болушу мумкүн деп эсептөө*); **оправда́ть неразу́мный посту́пок мо́лодостью** орунсуз иштелген иштн жаштыктан деп табуу; 3. *что чем* далилдөө, актоо; **оправда́ть расхо́ды счета́ми** расходдорду счёт менен далилдөө; **оправда́ть** *чьё-л.* **дове́рие** *бировнүн* ишенччин актоо.

**ОПРАВДА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*доказать свою правоту*) өзүнүн ак экендигин көрсөтүү, далилдөө, актануу; **оправда́ться пе́ред обще́ственным мне́нием** коомдук пикирдин алдында өзүнүн ак экендигин көрсөтүү; 2. (*оказаться правильным*) туура болуп чыгуу; **мои́ опасе́ния оправда́лись** менин коркконум туура болуп чыкты; 3. (*окупиться*) акталуу, орду толуу; **затра́ты оправда́лись** чыгымдар акталды (орду басылды).

**ОПРА'ВДЫВАТЬ** *несов. см.* **оправда́ть.**

**ОПРА'ВДЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оправда́ться;** 2. *страд. к* **опра́вдывать.**

**ОПРА'ВИТЬ** *сов. что* 1. (*привести в порядок*) оңдоо, тартипке келтирүү; **опра́вить пла́тье** көйнөктү оңдоп коюу; **опра́вить причёску** причёсканы оңдоо, чачты тартипке келтирүү; 2. (*вставить в оправу*) алкакка салуу; **опра́вить очки́** көз айнекти алкакка салуу.

**ОПРА'ВИТЬСЯ** *сов.* 1. оңдонуу, түзөнүү; **опра́виться пе́ред зе́ркалом** күзгүгө карап оңдонуу; 2. оңолуу, тыңуу; **опра́виться по́сле боле́зни** оорудан кийин оңолуу; 3. *от чего* (*прийти в себя*) эсине келүү, эс алуу; **опра́виться от испу́га** коркkондон кийин эсине келүү.

**ОПРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **опра́вить.**

**ОПРАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опра́виться;** 2. *страд. к* **оправля́ть.**

**ОПРА'СТЫВАТЬ** *несов. см.* **опроста́ть.**

**ОПРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **опроси́ть.**

**ОПРЕДЕЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) аныктоо, белгилөө; **определе́ние результа́тов вы́боров** шайлоолордун натыйжасын аныктоо; 2. (*формулировка*) аныктама; **кра́ткое определе́ние** кыскача аныктама; **дать пра́вильное определе́ние** туура аныктама берүү; 3. *юр.* чечим, өкүм; **определе́ние суда́** соттун чечими; 4. *грам.* аныктооч (*сүйлөмдүн аныктоочу*).

**ОПРЕДЕЛЁННО** *нареч.* ачык, белгилүү; **определённо вы́сказаться** өзүнүн оюн ачык айтуу.

**ОПРЕДЕЛЁННОСТЬ** *ж.* 1. белгиленгендик, белгилүүлүк; 2. ачыктык, ачык-айкындык (*мис. берилген жооптун ачык-айкындыгы*).

**ОПРЕДЕЛЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*твёрдо установленный*) белгиленген, белгилүү; **определённый поря́док** белгиленген тартип; 2. (*ясный*) ачык, ачык-айкын; **дать определённый отве́т** ачык жооп берүү; 3. (*некоторый, известный*) белгилүү бир, кээ бир; **в определённых слу́чаях** белгилүү бир учурларда.

**ОПРЕДЕЛИ'МЫЙ,** -ая, -ое аныктоого боло турган.

**ОПРЕДЕЛИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. *мат.* аныктоочу; 2. (*книга для справок*) аныктагыч (*справка берүүчү китеп*); **определи́тель расте́ний** өсүмдүктөрдү аныктагыч.

**ОПРЕДЕЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *грам.* аныктоочтук; **определи́тельное предложе́ние** аныктоочтук сүйлөм.

**ОПРЕДЕЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*установить*) аныктоо, белгилөө; **определи́ть боле́знь** ооруну аныктоо; **определи́ть расстоя́ние** аралыкты белгилөө; 2. *что* (*раскрыть содержание*) аныктоо, белгилөө; **определи́ть поня́тие** түшүнүктү аныктоо; 3. *что* (*назначить*) белгилөө; **определи́ть су́ммы на постро́йку** курулушка жумшала турган акчанын суммасын белгилөө; 4. *что* (*обусловить*) себеп болуу, шарт түзүү; **хоро́шая обрабо́тка по́чвы определи́ла бога́тый урожа́й** жерди жакшы иштетүү мол түшүм алууга себеп болду; 5. *кого, уст.* (*устроить*) орноштуруу, коюу (*кызматка*).

**ОПРЕДЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*стать ясным*) аныкталуу, белгилүү болуу; **це́ли определи́лись** максаттар аныкталды; 2. (*выяснить местонахождение*) белгиленүү, табылуу; **определи́ться по ко́мпасу** компастын жардамы менен белгилөө; 3. *уст.* (*поступить на работу*) орношуу, коюлуу (*кызматка*).

**ОПРЕДЕЛЯ'ЕМОЕ** *ср. грам.* аныкталуучу.

**ОПРЕДЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **определи́ть.**

**ОПРЕДЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **определи́ться;** 2. *страд. к* **определя́ть.**

**ОПРЕСНЕ'НИЕ** *ср.* тузсуздандыруу.

**ОПРЕСНИ'ТЕЛЬ** *м.* тузсуздандыргыч (*сууну тузсуздандыруучу аппарат*).

www.bizdin.kg

**ОПРЕСНИ'ТЬ** *сов. что* тузсуздандыруу; **опресни́ть мо́рскую во́ду** деңиз суусун тузсуздандыруу (*тузунан арылтып, ичүүгө жарактуу кылуу*).

**ОПРЕСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **опресни́ть.**

**ОПРИ'ЧНИК** *м.* 1. *ист.* опричник (*опричнина аскеринде иштөөчү дворянин*); **опри́чники Ива́на Гро́зного** Иван Грозныйдын опричниктери; 2. *перен.* элди эзүүчү; **ца́рские опри́чники** падышанын элди эзүүчүлөрү.

**ОПРИ'ЧНИНА** *ж. ист.* опричнина (1. *Иван Грозный падыша болуп турган убагында — мамлекеттин бир бөлүгү, бул бөлүк падышанын өзүнүн башкаруусунда турган жана күчтүү борбордук бийлик түзүү үчүн жүргүзгөн күрөштө падышага жөлөк болгон*; 2. *ошол кездеги атайын войсколор*).

**ОПРО'БОВАНИЕ** *ср.* сыноо, сынап көрүү.

**ОПРО'БОВАТЬ** *сов. что* сыноо, сынап көрүү (*колдонууга, эксплуатацияга бергенге чейин сынап көрүү*); **опро́бовать но́вую маши́ну** жаңы машинаны сынап көрүү.

**ОПРОВЕРГА'ТЬ** *несов. см.* **опрове́ргнуть.**

**ОПРОВЕ'РГНУТЬ** *сов. что* жокко чыгаруу, калптыкка (жалгандыкка) чыгаруу, төгүндөө, төгүнгө чыгаруу; **опрове́ргнуть ло́жное сообще́ние** жалган кабарды калптыкка чыгаруу.

**ОПРОВЕРЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жокко чыгаруу, калптыкка (жалгандыкка) чыгаруу, төгүндөө, төгүнгө чыгаруу; 2. (*заявление*) бир нерсени төгүнгө чыгарып жарыялоо; **напеча́тать опроверже́ние в газе́те** бир нерсени төгүндүккө чыгарып газетага басуу.

**ОПРОКИДНО'Й,** -а́я, -о́е көңтөрө салма, оодара салма; **опрокидно́й ку́зов грузовика́** жүк ташуучу машинанын көңтөрө салма үстү.

**ОПРОКИ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **опроки́нуть.**

**ОПРОКИ'ДЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опроки́нуться;** 2. *страд. к* **опроки́дывать.**

**ОПРОКИ'НУТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*повалить*) жыгуу, теңкөрүү, көңтөрүү, астын-үстүнө келтирүү, оодара салуу; **опроки́нуть стул** стулду жыгуу; 2. *кого-что, воен.* (*сбить с позиций*) кайра кайтаруу, артка чегиндирүү; **опроки́нуть войска́ проти́вника** душмандын войсколорун артка чегиндирүү; 3. *что, перен.* (*разрушить*) кыйратуу, бузуу.

**ОПРОКИ'НУТЬСЯ** *сов.* жыгылуу, көңтөрүлүү, астын-үстү болуу, оодарылуу, кулоо, чалкасынан түшүп калуу, ала салуу; **кастрю́ля опроки́нулась** кастрюля көңтөрүлдү.

**ОПРОМЕ'ТЧИВО** *нареч.* алаңгазарлык менен, иштин артын ойлобой, алды-кийнин ойлобой; **поступи́ть опроме́тчиво** алды-кийнин ойлобой иш кылуу.

**ОПРОМЕ'ТЧИВОСТЬ** *ж.* алаңгазарлык, иштин артын ойлобой киришүүчүлүк, алды-кийнин ойлобогондук.

**ОПРОМЕ'ТЧИВЫЙ,** -ая, -ое алаңгазар, алды-кийнин ойлобогон, абайлабаган; **опроме́тчивый посту́пок** алаңгазарлык менен (алды-кийнин ойлобой) иштелген иш; **опроме́тчивое реше́ние** алды-кийнин ойлобой чыгарылган чечим.

**О'ПРОМЕТЬЮ** *нареч.* ашып-шашып, шашкан бойдон, шашкалактап (*жүгүрүү, чуркоо жөнүндө гана*); **бежа́ть о́прометью** ашып-шашып чуркоо; **о́прометью вы́бежать из ко́мнаты** үйдөн шашкан бойдон жүгүрүп чыгуу.

**ОПРО'С** *м.* опрос, суроо (*белгилүү бир план боюнча суроолор берүү*); **всенаро́дный опро́с** бүткүл элдик суроо.

**ОПРОСИ'ТЬ** *сов. кого-что* сурап билүү; **опроси́ть свиде́телей** күбөлөрдөн сурап билүү.

**ОПРО'СНЫЙ,** -ая, -ое **опрос**-*ко т.*; **опро́сный лист** суроо барагы.

**ОПРОСТА'ТЬ** *сов. что, прост.* бошотуу; **опроста́ть корзи́ну** корзинаны бошотуу.

**ОПРОСТОВОЛО'СИТЬСЯ** *сов. разг.* жаңылышып оңойсуз абалда калуу, ката кетирүү.

**ОПРОТЕСТОВА'ТЬ** *сов. что* протест жасоо (*каршы туруу, каршылык билдирүү, нааразылык билдирүү*); **опротестова́ть пригово́р суда́** соттун өкүмүнө протест жасоо; ◇ **опротестова́ть ве́ксель** *фин.* векселди протест кылуу (*вексель боюнча өз мөөнөтүндө төлөнбөгөндүктү официалдуу түрдө күбөлөндүрүү*).

**ОПРОТЕСТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **опротестова́ть.**

**ОПРОТИ'ВЕТЬ** *сов.* жек көрүнүү, жек көрүндү болуу, жаман күрүнүү.

**ОПРЫ'СКАТЬ** *сов. кого-что* бүркүү, себүү; **опры́скать плато́к духа́ми** жоолукка атыр себүү; **опры́скать дере́вья дезинфекцио́нным раство́ром** жыгачтарга дезинфекциялык эритме бүркүү.

**ОПРЫ'СКАТЬСЯ** *сов.* куюнуу, себинүү; **опры́скаться духа́ми** атыр куюнуу.

**ОПРЫ'СКИВАТЕЛЬ** *м.* 1. (*прибор*) сепкич, бүркүүч прибор; 2. (*жидкость*) себилүүчү (*бак-дарактагы життерди кырууу үчүн себилүүчү эритме*).

**ОПРЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **опры́скать.**

**ОПРЫ'СКИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опры́скаться;** 2. *страд. к* **опры́скивать.**

**ОПРЯ'ТНО** *нареч.* таза, тыкан, жыйнак, дурус; **опря́тно одева́ться** таза кийинүү.

**ОПРЯ'ТНОСТЬ** *ж.* аруулук, тазалык, жыйнактык, дурустук.

**ОПРЯ'ТНЫЙ,** -ая, -ое аруу, таза, жыйнак, дурус; **опря́тный челове́к** таза киши; **опря́тный костю́м** дурус костюм.

**ОПТА'НТ** *м. юр.* оптант (*оптацияга укугу бар киши*).

**ОПТА'ЦИЯ** *ж. юр.* оптация (*турган территориясы башка мамлекетке өткөндө, ошол территориянын калкынын, же ошол жерде туулган адамдардын граждандыкты тандап алуусу*).

**О'ПТИК** *м.* оптик (*оптика боюнча специалист*).

**О'ПТИКА** *ж.* оптика (1. *физиканын жарыктын кубулуштарын жана сыпаттарын үйрөнүүчү бөлүгү*; 2. *собир.* *оптикалык аспаптардын жыйындысы, мис. көз айнек, дүрбү ж. б.*).

**ОПТИМА'ЛЬНО** *нареч.* өтө жайлуу, абдан ыңгайлуу.

**ОПТИМА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое оптималдуу, өтө жайлуу, абдан ыңгайлуу, абдан ылайыктуу; **оптима́льные да́нные** өтө ыңгайлуу маалыматтар; **оптима́льная температу́ра** абдан ылайыктуу температура.

**ОПТИМИ'ЗМ** *м.* оптимизм (*келечекке, иштин ийгиликтүү болушуна ишенип, айланадагы болмушка шайыр, шаттуу көз караш*).

**ОПТИМИ'СТ** *м.* оптимист (*айланадагы турмушка шайыр, шаттуу көз менен кароочу киши*).

**ОПТИМИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **оптимизм**-*ге т.*, оптимисттик; **оптимисти́ческое настрое́ние** оптимисттик көңүл.

**ОПТИМИ'СТКА** *женск. р. к* **оптими́ст;** оптимистка.

**ОПТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что, юр.* оптацияллоо, оптация кылуу (*оптация укугун иш жүзүнө ашыруу*).

**ОПТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. оптикалык; **опти́ческий прибо́р** оптикалык прибор (*бир нерсени чоңойтуп, же кичирейтип көрсөтүүчү аспап*); 2. (*световой, зрительный*). **опти́ческий обма́н** көз алдоо (*бир нерсенин көзгө бузулуп көрүнүшү*).

**ОПТОВИ'К** *м. уст.* дүң соода кылуучу киши.

**ОПТО'ВЫЙ,** -ая, -ое дүң, дүң сатуучу; **опто́вая торго́вля** дүң соода; **опто́вый магази́н** дүң соода кылуучу магазин; **опто́вые це́ны** дүң баалар.

**О'ПТОМ** *нареч.* дүң бойдон, дүң (*сатуу, алуу*).

**ОПУБЛИКОВА'НИЕ** *ср.* жарыялоо, жарыялануу; **опубликова́ние зако́на** законду жарыялоо.

**ОПУБЛИКОВА'ТЬ** *сов. что* жарыялоо, жарыя кылуу; **опубликова́ть сообще́ние** билдирүүнү жарыялоо.

**ОПУБЛИКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **опубликова́ть.**

www.bizdin.kg

**ОПУСКА'НИЕ** *ср.* түшүү, түшүрүү, ылдый түшүрүү, коюу, салуу.
**ОПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **опусти́ть.**
**ОПУСКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опусти́ться;** 2. *страд. к* **опуска́ть.**
**ОПУСКНО'Й,** -а́я, -о́е түшүрүлмө; **опускна́я две́рца** түшүрүлмө эшик; **опускны́е о́кна по́езда** поезддин түшүрүлмө терезелери.
**ОПУСТЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое ээн калган, элсиз калган, кишисиз; **опусте́лая да́ча** ээн калган дача.
**ОПУСТЕ'НИЕ** *ср.* ээн калуу, элсиз (кишисиз) калуу.
**ОПУСТЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*стать пустым*) бошоп калуу; 2. (*обезлюдеть*) ээн калуу, элсиз (кишисиз) калуу.
**ОПУСТИ'ВШИЙСЯ,** -аяся, -ееся 1. *прич. от* **опусти́ться;** 2. *прил.* кишиликтен чыккан, төмөн түшкөн.
**ОПУСТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* түшүрүү, ылдый түшүрүү; **опусти́ть флаг** желекти ылдый түшүрүү; **опусти́ть за́навес** парданы түшүрүү; 2. *кого-что* (*в жидкость*) коюу, салуу; **опусти́ть ру́ку в во́ду** колду сууга салуу; 3. *что* (*откинуть*) түшүрүү, жыюу; **опусти́ть верх экипа́жа** экипаждын үстүн түшүрүү; 4. *что* (*пропустить*) калтырып кетүү (*мис. аңгемедеги кээ бир майда-чүйдөлөрдү*); **опусти́ть абза́ц при чте́нии** окуган кезде абзацты калтырып кетүү; ◇ **опусти́ть ру́ки** арга түгөнүп, шылкыюу; ындыны өчүү; **опусти́ть го́лову** духу түшүү, капа болуу.
**ОПУСТИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. отуруу; **уста́ло опусти́ться на** стул чарчап келип стулга отуруу; 2. *перен.* кишиликтен чыгуу, кайраты кетүү, духу түшүү, эчтемеге көңүлү келбей калуу; ◇ **ру́ки опусти́лись** *у кого-л.* *бирөөнүн* аргасы түгөндү, ындыны өчтү.
**ОПУСТОША'ТЬ** *несов. см.* **опустоши́ть.**
**ОПУСТОШЕ'НИЕ** *ср.* 1. чаап талкалап алуу, кыйратуу, бүлгүнгө учуратуу, ойронун чыгаруу; 2. (*разрушение*) талкалануу, кыйратылуу, ойрону чыгуу; 3. *перен.* (*моральное*) ындыны өчүү, духу түшүү.
**ОПУСТОШЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **опустоши́ть;** 2. *прил. перен.* духу түшүп, «мейлиге» салынып калган; мораль жана дух жагынан бош, активдүү турмушка жөндөмсүз.
**ОПУСТОШИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* талкалагычтык, кыйратуучулук, ойронун чыгаргычтык.
**ОПУСТОШИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое талкалоочу, кыйратуучу, ойронун чыгаруучу; **опустоши́тельные во́йны** кыйратуучу согуштар.
**ОПУСТОШИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*разорить*) чаап талкалап алуу, кыйратуу, бүлгүнгө учуратуу, ойронун чыгаруу; 2. *перен.* кишинин адамгерчилик сезимин өчүрүү, жоюу.
**ОПУ'ТАТЬ** *сов. кого-что* 1. ороп чырмоо; **опу́тать** *что-л.* **верёвкой** *бир нерсени* жип менен ороп чырмоо; 2. *перен.* айлалап колго түшүрүп алдоо.
**ОПУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **опу́тать.**
**ОПУХА'НИЕ** *ср.* шишүү, шишип кетүү.
**ОПУХА'ТЬ** *несов. см.* **опу́хнуть.**
**ОПУ'ХЛЫЙ,** -ая, -ое *см.* **опу́хший.**
**ОПУ'ХНУТЬ** *сов.* шишип кетүү; **у меня́ щека́ опу́хла** бетим шишип кетти.
**О'ПУХОЛЕВЫЙ,** -ая, ое **опухоль**-*го т.*
**О'ПУХОЛЬ** *ж.* шишик; **доброка́чественная о́пухоль** *мед.* түбү кайырдуу шишик, айыгып кете турган шишик; **злока́чественная о́пухоль** *мед.* коркунучтуу шишик, жаман шишик; **вскрыть о́пухоль** шишикти жаруу.
**ОПУ'ХШИЙ,** -ая, -ее шишиген, шишиги бар; **опу́хшее лицо́** шишиген бет.
**ОПУША'ТЬ** *несов. см.* **опуши́ть.**
**ОПУШИ'ТЬ** *сов. что* мех кармоо, мех кармап тигүү; **опуши́ть рукава́ ме́хом** жеңге мех кармоо.
**ОПУ'ШКА** I *ж.* 1. (*действие*) мех кармоо, мех кармап тигүү; 2. (*обшивка*) кармалган (тигилген) мех; **мехова́я опу́шка** кармалган мех.
**ОПУ'ШКА** II *ж.* токойдун чети; **на опу́шке ле́са** токойдун четинде.
**ОПУЩЕ'НИЕ** *ср.* түшүү, түшүрүү, ылдый түшүрүү, калтырып кетүү; ◇ **опуще́ние ма́тки** *мед.* жатындын төмөндөшү (*аял оорусу*).
**ОПУ'ЩЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **опусти́ть;** 2. *прил. перен.* ботала болгон, духу түшкөн, ындыны өчкөн; **опу́щенный вид** духу түшкөн кебете; ◇ **как в во́ду опу́щенный** кабагы салыңкы, сабыры суз, ындыны өчкөн.
**ОПЫЛЕ'НИЕ** *ср. бот.* чаңдануу.
**ОПЫ'ЛИВАНИЕ** *ср. с.-х.* бүркүү, себүү.
**ОПЫ'ЛИВАТЕЛЬ** *м. с.-х.* бүрккүч (*өсүмдүктүн зыянкечтерин жоюу үчүн уу себүүчү прибор*).
**ОПЫ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **опыли́ть** 2.
**ОПЫЛИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. (*переносчик пыльцы*) чаңдаткыч (*мис. куштар, курт-кумурска, шамал, суу*); 2. *см.* **опыливатель.**
**ОПЫЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. *бот.* чаңдантуу (*гүл аталыгындагы урукту — чаңды энеликтин оозуна түшүрүү*); **опыли́ть цвето́к** гүлдү чаңдантуу; 2. *с.-х.* бүркүү, себүү (*бак-дарактардагы мителерди кыруу үчүн уу химикатын себүү*).
**ОПЫЛИ'ТЬСЯ** *сов. бот.* чаңдануу; **цветы́ опыли́лись** гүлдөр чаңданышты.
**ОПЫЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **опыли́ть** 1.
**ОПЫЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **опыли́ться;** 2. *страд. от* **опыля́ть.**
**О'ПЫТ** *м.* 1. (*навыки, умение*) тажрыйба; ык; **жи́зненный о́пыт** тиричилик тажрыйбасы; **революцио́нный о́пыт** революциялык тажрыйба; **переда́ть свой о́пыт** өзүнүн тажрыйбасын башкаларга берүү; 2. (*научный*) опыт, тажрыйба (*илимий*); **поста́вить о́пыт** опыт жасоо, тажрыйба жасоо; **хими́ческий о́пыт** химиялык опыт (тажрыйба); 3. (*проба*) опыт, тажрыйба; **пе́рвый о́пыт писа́теля** жазуучунун биринчи тажрыйбасы.
**О'ПЫТНИК** *м.* тажрыйбачы; **колхо́зники-о́пытники** тажрыйбачы колхозчулар.
**О'ПЫТНО-ПОКАЗА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое үлгүлүү тажрыйба жасоого арналган.
**О'ПЫТНОСТЬ** *ж.* тажрыйбалуулук, көптү көргөндүк; **ему́ не хвата́ет о́пытности** анын тажрыйбасы жетишпейт.
**О'ПЫТНЫЙ,** -ая, -ое 1. **опыт** 2-*ге т.*; **о́пытная ста́нция** тажрыйба станциясы; 2. (*о человеке*) тажрыйбалуу, көптү көргөн; **о́пытный педаго́г** тажрыйбалуу педагог; **о́пытный врач** тажрыйбалуу врач.
**ОПЬЯНЕ'НИЕ** *ср.* мастык; мас болуу.
**ОПЬЯНЁННЫЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **опьяни́ть;** 2. *прил.* мас, мас болгон.
**ОПЬЯНЕ'ТЬ** *сов.* мас болуу; ◇ **опьяне́ть от ра́дости** кубанганынан эмне кыларын билбей калуу.
**ОПЬЯНИ'ТЬ** *сов. кого-что* мас кылуу.
**ОПЬЯНЯ'ТЬ** *несов. см.* **опьяни́ть.**
**ОПЬЯНЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **опьяня́ть;** 2. *прил.* мас кылуучу.
**ОПЯ'ТЬ** *нареч.* дагы, кайтадан, кайта баштан, жана; **опя́ть верну́ться** кайтадан келүү; ◇ **опя́ть-таки** дагы, дагы болсо да, ошондай болсо да; анын үстүнө; ал аз келгенсип.
**ОРА'ВА** *ж. разг.* топ, чогуу; **ора́ва ребя́т** бир топ балдар.
**ОРА'КУЛ** *м.* 1. *ист.* оракул (*байыркы грек жана римдиктерде — элдин суроолоруна кудайдын атынан жооп берүүчү жрец*); 2. *уст.* бал китеп.
**ОРАНГУТА'НГ** *м.* орангутанг (*кишии кебетелүү чоң маймыл*).
**ОРА'НЖЕВЫЙ,** -ая, -ое кызгыл сары; **ора́нжевый цвет** кызгыл сары түс.
**ОРАНЖЕРЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **оранжерея**-*га т.*; **оранжере́йные расте́ния** оранжереяда өсүүчү өсүмдүктөр.

www.bizdin.kg

**ОРАНЖЕРЕ'Я** *ж.* оранжерея (*ысык өлкөлөрдө өсүүчү өсүмдүктөрдү кышында өстүрүү үчүн ылайыкталган жай*).

**ОРА'ТОР** *м.* оратор, чечен (*көпчүлүктүн алдында чыгып сүйлөгөн киши; чечен, сөзгө уста киши*).

**ОРАТО'РИЯ** *ж. муз.* оратория (*хор, солист-ырчылар жана оркестр үчүн жазылган музыкалуу-драмалык чоң чыгарма*).

**ОРА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **оратор**-*го т.*; оратордук, чечендик; **ора́торский приём** оратордук ыкма, чечендик ыкма.

**ОРА'ТОРСТВОВАТЬ** *несов. разг.* кургак оратордук кылуу, жөө чечендик кылуу.

**ОРА'ТЬ** *несов. разг.* кыйкыруу, кыйкырып катуу сүйлөө, бакыруу.

**ОРБИ'ТА** *ж.* 1. *астр.* орбита (*асмандагы нерселердин меикиндиктеги жолу*); **земна́я орби́та** жер шарынын орбитасы; 2. *анат.* (*глазница*) көз чарасы; **глаза́ вы́шли из орби́т** 1) көз чарасынан чыкты; 2) *перен.* таң калып көзү бакырая түштү.

**ОРГ=** *жаңы татаал сөздөрдө колдонулуучу кыскартылган сөз; бул сөз* 1) *«уюштуруу» деген маанини берет; мис.*: **оргбюро́** уюштуруу бюросу; 2) *«уюштуруучу» деген маанини берет; мис.*: **парто́рг** партиялык уюштуруучу.

**О'РГАН** *м.* 1. (*часть организма*) мүчө, орган (*организмдин бир бөлүгү*); **о́рган слу́ха** угуу мүчөсү; **о́рганы зре́ния** көрүү мүчөсү; **о́рганы обоня́ния** жыт сезүү мүчөсү; 2. *перен.* (*орудие, средство*) орган (*курал, каражат*); **печа́ть—мо́щный о́рган коммунисти́ческого воспита́ния масс** басма сөз — массаны коммунисттик тарбиялоонун кубаттуу органы; 3. (*учреждение*) орган (*мамлекеттик же коомдук мекеме*); **о́рганы вла́сти** бийлик органдары; **парти́йные и сове́тские о́рганы** партиялык жана советтик органдар; **ме́стные о́рганы** жергиликтүү органдар; 4. (*печатное издание*) орган (*басып чыгарылуучу журнал, газета ж. б.*); **академи́ческий о́рган** академиялык орган; **«Литерату́рная газе́та» — о́рган правле́ния Сою́за Сове́тских писа́телей** «Литературная газета» — Советтик Жазуучулар Союзунун башкармасынын органы.

**ОРГА'Н** *м. муз.* орган (*музыкалык куралдын бир түрү*).

**ОРГАНИЗА'ТОР** *м.* уюштуруучу.

**ОРГАНИЗА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **организатор**-*го т.*; уюштуруучулук; **орга́низа́торский тала́нт** уюштуруучулук талант.

**ОРГАНИЗАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **организация**-*га т.*; **организацио́нные мероприя́тия** уюштуруу чаралары; **организацио́нные расхо́ды** уюштуруу расходдору.

**ОРГАНИЗА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*действие*) уюштуруу, уюмдаштыруу; **пра́вильная организа́ция труда́** эмгекти туура уюштуруу; 2. (*учреждение*) уюм (*коомдук, же мамлекеттик мекеме*); **парти́йная организа́ция** партиялык уюм; **комсомо́льская организа́ция** комсомол уюму; **пионе́рская организа́ция** пионер уюму; **профессиона́льная организа́ция** профессионалдык уюм; **строи́тельная организа́ция** курулуш уюму; 3. *разг.* (*организм*) организм; **у него́ сла́бая организа́ция** анын организми начар.

**ОРГАНИ'ЗМ** *м.* 1. организм (*өз ара келишип аракеттенүүчү мүчөлөрү болгон жандуу нерсе же өсүмдүк*); **расти́тельные органи́змы** өсүмдүктөр организми; **разви́тие органи́змов** организмдер өрчүшү; 2. (*у человека*) организм; **кре́пкий органи́зм** мыкты организм.

**ОРГАНИЗО'ВАННО** *нареч.* уюшкандык менен, уюштурулган түрдө; **организо́ванно провести́ зи́мний спорти́вный сезо́н** кышкы спорттук сезонду уюшкандык менен өткөзүү.

**ОРГАНИЗО'ВАННОСТЬ** *ж.* уюшкандык, уюштурулгандык, уюмдашкандык; **организо́ванность населе́ния** калктын уюшкандыгы.

**ОРГАНИЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **организова́ть**; 2. *прил.* уюшкан, уюштурулган, уюмдашкан, тартиптүү; **организо́ванные си́лы ми́ра, демокра́тии и социали́зма** тынчтыктын, демократиянын жана социализмдин уюмдашкан күчү.

**ОРГАНИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов.* 1. *что* (*основать*) уюштуруу, уюмдаштыруу; **организова́ть литерату́рный кружо́к** адабият кружогун уюштуруу; 2. *что* (*наладить*) уюштуруу; **организова́ть доста́вку дров** отун жеткирүүнү уюштуруу; 3. *кого-что* (*объединить*) уюштуруу; **организова́ть молодёжь** жаштарды уюштуруу; 4. *что* (*упорядочить*) уюштуруу, тартипке салуу; **пра́вильно организова́ть свой рабо́чий день** өзүнүн жумуш күнүн туура уюштуруу.

**ОРГАНИЗОВА'ТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* (*возникнуть*) уюштурулуу, уюшулуу (*пайда болуу*); 2. *сов. и несов.* (*объединиться*) уюшуу, баш кошуу, биригүү; **организова́ться для уча́стия в экспеди́ции** экспедицияга катышуу үчүн уюшуу; **организова́ться для совме́стной борьбы́** биргелешип күрөшүү үчүн уюшуу; 3. *несов. страд. к* **организова́ть**.

**ОРГАНИЗО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **организова́ть**.

**ОРГАНИЗО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **организова́ться**; 2. *страд. к* **организо́вывать**.

**ОРГАНИ'СТ** *м.* органист (*арган ойноочу*).

**ОРГАНИ'ЧЕСКИ** *нареч.* органикалык түрдө; **все явле́ния органи́чески свя́заные друг с дру́гом** кубулуштардын бардыгы бир-бири менен органикалык түрдө байланышкан.

**ОРГАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. *мед.* **организм**-*ге т.*; **органи́ческие заболева́ния** организм оорулары; 2. *биол.* органикалык (*өсүмдүк же айбандар дүйнөсүнө жатуучу*); **органи́ческие вещества́** органикалык заттар (*составына углерод катышкан химиялык кошундулар*); **органи́ческая хи́мия** органикалык химия; 3. *перен.* (*коренной*) негизги; **органи́ческая потре́бность** негизги керектик; **органи́ческий недоста́ток** негизги кемчилик.

**ОРГАНИ'ЧНОСТЬ** *ж.* негизгилик.

**ОРГАНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое негизги.

**ОРГА'ННЫЙ,** -ая, -ое **орга́н**-*га т.*; **орга́нная му́зыка** орган музыкасы.

**ОРГАНОГРА'ФИЯ** *ж. биол.* органография (*айбандын жана өсүмдүктүн органдарын — мүчөлөрүн сүрөттөп жазуу*).

**ОРГАНОТЕРАПИ'Я** *ж. мед.* органотерапия (*бир дененин оорусун башка бир ошол сыяктуу дененин препараты менен дарылоо*).

**ОРГБЮРО'** *ср.* (организацио́нное бюро́) оргбюро (уюштуруу бюросу).

**О'РГИЯ** *ж.* оргия (1. *ист. байыркы гректерде — Вакх-Дионис деген кудайга табынуу; бул табынуу ичкилик, бузукчулук менен өткөрүлгөн*; 2. *перен. өтө ичкилик, бузукчулук менен өткөрүлүүчү чогулуш, конок кылуу*).

**ОРГРАБО'ТА** *ж.* (организацио́нная рабо́та) уюштуруу иши.

**ОРДА'** *ж.* 1. *ист.* ордо (*бир нече көчмөн түрк урууларынын согуштук-саясий союзу; моңгол, татарлардын кошуну*); **Золота́я орда́** Алтын ордо; 2. *перен.* тартипсиз, баш аламан топ; каракчылар, талоончулар тобу.

**О'РДЕН** I *м.* орден; **о́рден Ле́нина** Ленин ордени; **о́рден Побе́ды** Жеңиш ордени; **о́рден Кра́сного Зна́мени** Кызыл Туу ордени; **о́рден Трудово́го Кра́сного Зна́мени** Эмгек Кызыл Туу ордени; **о́рден Оте́чественной войны́** Ата Мекендик согуш ордени; **о́рден Суво́рова** Суворов ордени; **о́рден Куту́зова** Кутузов ордени; **о́рден Нахи́мова** Нахимов ордени; **о́рден Алекса́ндра Не́вского** Александр Невский ордени; **о́рден Богда́на Хмельни́цкого** Богдан Хмельницкий ордени; **о́рден Кра́сной Звезды́** Кызыл Жылдыз ордени; **о́рден Сла́вы** Даңк ордени; **о́рден «Знак почёта»** «Ардак белгиси» ордени; **о́рден «Мать-герои́ня»** «Баатыр эне» ордени; **о́рден «Матери́нская сла́ва»** «Энелик даңк»

www.bizdin.kg

ордени; **наградить орденом** орден менен сыйлоо; **получить орден** орден алуу; **кавалер ордена** орден кавалери.

**О'РДЕН** II *м.* орден (1. *ист. орто кылымдарда Батыш Европадагы монахтар же рыцарлардын уюму*); **орден иезуитов** иезуиттер ордени; **Ливонский орден** Ливон ордени; 2. орден (*кээ бир жашырын коомдор же бирикмелердин аты*); **масонский орден** масондор ордени.

**ОРДЕНОНО'СЕЦ** *м.* ордендүү; **завод-орденоносец** ордендүү завод.

**ОРДЕНОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое ордендүү; **орденосный завод** ордендүү завод.

**О'РДЕНСКИЙ** I, -ая, -ое **орден** I-*ге т.*; **орденская книжка** орден книжкасы; **орденская колодка** орден колодкасы.

**О'РДЕНСКИЙ** II, -ая, -ое **орден** II-*ге т.*; ордендик; **орденский устав** ордендик устав.

**О'РДЕР** I *м.* ордер (*бир нерсени алууга берилген документ же кат жүзүндөгү буйрук*; *төлөө буйругу*); **платёжный ордер** төлөө ордери; **ордер на квартиру** квартирага берилген ордер.

**О'РДЕР** II *м. архит.* ордер (*архитектуралык композициянын бир түрү*).

**ОРДИНА'Р** *м.* ординар (*өзөн, дарыя, көл ж. б. суусунун бир нече жыл ичиндеги орто деңгээли*); **вода поднялась выше ординара** суу ординарынан жогору көтөрүлдү.

**ОРДИНА'РЕЦ** *м. воен.* ординарец (*командирдин карамагында болуп, анын тапшырмаларын аткаруучу, буйруктарды жеткирип туруучу аскер кызматчысы*).

**ОРДИНА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*заурядный*) жөнөкөй эле, артыкчылыгы жок, жупуну; **ординарный случай** жөнөкөй окуя; 2. *уст.* (*штатный*) штаттагы; **ординарный профессор** штаттагы профессор.

**ОРДИНА'ТОР** *м. мед.* ординатор (*ооруканада, клиникада бир бөлүмдү башкаруучу врач*).

**ОРДИНАТУ'РА** *ж.* ординатура (1. *ординатордун орду*; 2. *медицинада практикалык аспирантуранын түрү*).

**ОРЁЛ** *м.* (*мн.* **орлы**) 1. бүркүт; 2. *перен.* туйгун бүркүт, шумкар (*мыкты, кайраттуу, кыраакы киши*).

**ОРЕО'Л** *м.* 1. бөлөнгөн; **в ореоле славы** даңкы чыккан, даңкка бөлөнгөн; 2. (*световая кайма*) ореол, сулуу жээк (*фотографиялык сүреттүн айланасындагы күндүн нурундай болуп турган жаркырак тегерек*).

**ОРЕ'Х** *м.* 1. орех, жаңгак; **лесные орехи** токой жаңгактары; 2. (*дерево, древесина*) жаңгак жыгачы; **стол из ореха** жаңгак жыгачынан жасалган стол; ◇ **разделать под орех** *разг.* сазайын берүү, акесин таанытуу, сазайын колуна берүү; **ему досталось на орехи** *разг.* адеби колуна берилди.

**ОРЕ'ХОВКА** *ж.* ореховка (*сайроочу куштун бир түрү*).

**ОРЕ'ХОВЫЙ,** -ая, -ое **орех**-*ка т.*; **ореховое дерево** жаңгак жыгачы; **ореховый шкаф** жаңгак жыгачынан жасалган шкаф; **ореховый торт** жаңгак салынган торт.

**ОРЕ'ШЕК** *м. уменьш. от* **орех**; ◇ **орешек хлопка** чигит.

**ОРЕ'ШНИК** *м.* 1. (*кустарник*) орех бадалы; 2. (*заросль*) орех жыгачтары өсүүчү токой, аянт.

**ОРЕ'ШНИКОВЫЙ,** -ая, -ое **орешник**-*ке т.*

**ОРИГИНА'Л** *м.* 1. (*подлинник*) оригинал, асыл нуска, кол жазма (*көчүрмөсү эмес түп нускасы*); **оригинал портрета** портреттин оригиналы; **оригинал статьи** макаланын оригиналы; 2. *разг.* (*чудак*) кызык, башкача, бир түрдүү; **старик был большим оригиналом** карыя башкача киши болчу.

**ОРИГИНА'ЛЬНИЧАТЬ** *несов. разг.* башкалар кылбаган ишти атайы кылуу, оптонуу, опсузданууу, элдин көзүнө укмуштуу болгусу келүү.

**ОРИГИНА'ЛЬНО** *нареч.* өзгөчө, бөтөнчө, укмуш.

**ОРИГИНА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*подлинность*) чыныгылык, так өзүлүк; **установить оригинальность рукописи** кол жазманын чыныгы экендигин аныктоо; 2. (*своеобразность*) укмуштуулук, өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк; **оригинальность костюма** костюмдун өзгөчөлүгү.

**ОРИГИНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*не заимствованный, подлинный*) оригинал, оригиналдуу, чыныгы (*түпкү, так өзү, башкадан көчүрмө эмес*); **оригинальное сочинение** оригиналдуу чыгарма; 2. (*своеобразный*) бир түрдүү, өзгөчө; **оригинальный проект** өзгөчө бир проект; **оригинальное решение задачи** маселенин өзгөчө чечилиши.

**ОРИЕНТАЛИ'СТ** *м.* ориенталист (*чыгыш элдерин, алардын тилдерин, тарыхын, маданиятын текшерүүчү окумуштуу*).

**ОРИЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ориенталдык (*чыгышка таандык*); **ориентальный стиль** ориенталдык стиль.

**ОРИЕНТА'ЦИЯ** *ж.* 1. ориентация, ориентациялоо, багыттоо, багытталуу, багыт алуу, багытка салуу; билүү, түшүнүү (*понимание, осведомлённость*); 2. (*на кого-что-л.*) багыт алуу; арноо; эсептөө.

**ОРИЕНТИ'Р** *м.* 1. ориентир (*көрсөткүч, жол көрсөткүч прибор*); **световой ориентир** жарык ориентири; **правильный ориентир** туура ориентир; 2. *воен.* ориентир (*бир жайды, жерди оңой боолголоткуч нерсе, буюм*); 3. *перен.* ориентир (*багыт, иш, максат багыты*).

**ОРИЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *кого-что в чём* ориентациялоо, багыттоо, багытка салуу, жол көрсөтүү; 2. *на кого-что* багыт алуу; арноо.

**ОРИЕНТИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* багытын табуу; билүү, түшүнүү (*разбираться в чём-л., понимать что-л.*); **ориентироваться в темноте** караңгыда багытын табуу; **ориентироваться в новой обстановке** жаңы шартка түшүнүү; 2. *сов. и несов. на кого-что* багыт алуу; арноо; эсептөө; **ориентироваться на массового читателя** массалык окуучуларга арноо; окуучулар массасына арноо; 3. *несов. страд. к* **ориентировать**.

**ОРИЕНТИРО'ВКА** *ж.* ориентировка; *см.* **ориентация**.

**ОРИЕНТИРО'ВОЧНО** *нареч.* болжол менен.

**ОРИЕНТИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*для ориентировки*) болжолдоочу; боолголоочу; **ориентировочный знак** болжолдоочу белги, болжолдоо үчүн коюлган белги; 2. (*предварительный*) алгачкы, божомол; **ориентировочный план** алгачкы план, божомол план.

**ОРКЕ'СТР** *м.* 1. оркестр (*музыкалык чыгарманы биргелешип аткаруучу музыканттар — инструментчилер группасы*); **симфонический оркестр** симфониялык оркестр; **духовой оркестр** духовой (үйлөмө) оркестр; 2. оркестр (*театрда сахнанын алдында музыканттар отуруучу жай*).

**ОРКЕСТРА'НТ** *м.* оркестрант (*оркестрге катышып ойноочу киши*).

**ОРКЕСТРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* оркестрлештирүү (*музыка чыгармасын ар кыл куралга ойноордук кылып түзүү*); **оркестровать песню** ырды оркестрлештирүү.

**ОРКЕСТРО'ВКА** *ж.* оркестровка, оркестрлештирүү.

**ОРКЕСТРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **оркестр**-*ге т.*; оркестрдик; **оркестровая музыка** оркестрдик музыка.

**ОРЛА'Н** *м.* суу бүркүт.

**ОРЛЁНОК** *м.* (*мн.* **орлята**) бүркүт балапаны.

**ОРЛЕ'Ц** *м. мин.* кварц (*чакмак таштын кызылы*).

**ОРЛИ'НЫЙ,** -ая, -ое I. **орёл** I-*ге т.*; **орлиный клюв** бүркүттүн тумшугу; 2. *перен.* кайраттуу; **орлиный взгляд** кайраттуу көз караш; ◇ **орлиный нос** куш мурун, куштун тумшугундай ийилген мурун.

**ОРЛИ'ЦА** *ж.* ургаачы бүркүт.

**ОРЛЯ'НКА** *ж. уст.* орлянка (*кумар оюнунун бир түрү*).

**ОРНА'МЕНТ** *м.* 1. орнамент, оюу-чийүү (*көчөтү бир нерсенин бетине кооздолуп түшүрүлгөн оюу-чийүү*); 2. *муз.* уккулуктуу, кооз.

**ОРНАМЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое орнаменттүү.

www.bizdin.kg

**ОРНАМЕНТА'ЦИЯ** *ж.* орнамент салуу, орнамент менен кооздоо, көчөттөө, оюу-чийүү салуу.

**ОРНАМЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* орнамент салуу, орнамент менен кооздоо, көчөттөө, оюу-чийүү салуу.

**ОРНАМЕНТИРО'ВКА** *ж. см.* **орнамента́ция.**

**ОРНИТО'ЛОГ** *м.* орнитолог (*орнитология боюнча специалист*).

**ОРНИТОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **орнитология**-*га т.*; орнитологиялык; **орнитологи́ческая ста́нция** орнитологиялык станция.

**ОРНИТОЛО'ГИЯ** *ж.* орнитология (*зоологиянын куштарды текшерүүчү бөлүмү*).

**ОРОБЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое корккон, чочуган, жүрөк заада болгон.

**ОРОБЕ'ТЬ** *сов.* коркуу, чочуу, жүрөк заада болуу.

**ОРОГОВЕ'НИЕ** *ср.* кабырчыктануу; чордонуу, чор болуу (*тери жөнүндө*).

**ОРОГОВЕ'ТЬ** *сов.* кабырчыктануу; чордонуу, чор болуу (*тери жөнүндө*).

**ОРОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **орография**-*га т.*; орографиялык.

**ОРОГРА'ФИЯ** *ж.* орография (*физикалык географиянын жер бетинин рельефин, тоолорду текшерүүчү бөлүмү*).

**ОРОСИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **орошение**-*ге т.*; **ороси́тельный кана́л** сугаруу каналы; **ороси́тельная систе́ма** сугаруу системасы, сугат системасы.

**ОРОСИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*смочить*) сугаруу; **дождь ороси́л зе́млю** жамгыр жерди сугарды; 2. (*обводнить*) сугаруу, суу өткөрүү, суу жеткирүү; **ороси́ть пусты́ню** чөлгө суу жеткирүү, чөлдү сугаруу.

**ОРОСИ'ТЬСЯ** *сов.* сугарылуу; **поля́ ороси́лись дождём** талаалар жаан менен сугарылды.

**ОРОША'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **ороша́ть;** 2. *прил.* сугарылуучу; **ороша́емое земледе́лие** сугарылуучу дыйканчылык.

**ОРОША'ТЬ** *несов. см.* **ороси́ть.**

**ОРОША'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ороси́ться;** 2. *страд. к* **ороша́ть.**

**ОРОШЕ'НИЕ** *ср.* сугаруу, сугат; **ороше́ние степны́х райо́нов** талаа райондорун сугаруу; **исто́чники ороше́ния** сугат булактары.

**ОРТОДО'КС** *м.* ортодокс (*белгилүү бир көз караште бекем турган адам*).

**ОРТОДОКСА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* ортодокстук (*белгилүү бир көз караште бекем туруучулук*).

**ОРТОДОКСА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ортодокстуу (*белгилүү бир көз караште бекем турган*).

**ОРТОДО'КСИЯ** *ж.* ортодоксия (*кандайдыр бир иште кыйшаюусуз, тайбастан принциптерди жана жоболорду бекем кармоо*).

**ОРТОПЕ'Д** *м. мед.* ортопед (*ортопедия боюнча специалист*).

**ОРТОПЕДИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **ортопедия**-*га т.*; ортопедиялык; **ортопеди́ческая о́бувь** ортопедиялык бут кийим (*буту майып кишинин бутуна ылайыкталган бут кийим*).

**ОРТОПЕ'ДИЯ** *ж. мед.* ортопедия (*дене жана колу-буттун кыйшайып калышын дарылоо менен иришүүчү медицинанын бир бөлүмү*).

**ору́, орёшь** *и т. д. наст. вр. от* **ора́ть.**

**ОРУ'ДИЕ** *ср.* 1. курал, жабдык, шайман, аспап; **ору́дия произво́дства** өндүрүш куралдары; **сельскохозя́йственные ору́дия** айыл чарба шаймандары; 2. *перен.* курал; каражат; **язы́к — ору́дие обще́ния люде́й** тил — адамдардын байланыш куралы; 3. *воен.* орудие, замбирек (*замбирек сыяктуу жабдыктардын жалпы аты*); **дальнобо́йное ору́дие** алыска атылуучу орудие (замбирек); **тяжёлое ору́дие** оор орудие (замбирек); **зени́тное ору́дие** зениттик орудие (замбирек); **противота́нковое ору́дие** танкыга каршы ок атуучу орудие (замбирек); **самохо́дное ору́дие** өзү жүрүүчү орудие (замбирек).

**ОРУДИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **орудие** 3-*гө т.*; орудиелик; **оруди́йный расчёт** замбирек атуучу аскерлер (*замбирекчилердин тобу*); **оруди́йный ого́нь** замбиректин атылышы, замбиректен атылган ок.

**ОРУ'ДОВАТЬ** *несов. чем, разг.* 1. (*бир нерсенин жардамы менен*) иштей билүү, бир жабдык менен иштөө; **ору́довать пило́й** араа менен иштөө; 2. *перен. разг.* башкаруу, аракет кылуу, иштөө; **он ору́дует всёми дела́ми** ал бардык иштерди башкарат.

**ОРУЖЕ'ЙНИК** *м.* оружейник (*согуштук куралдарды чыгаруу жагынан уста киши*).

**ОРУЖЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **оружие** 1-*ге т.*; **оруже́йный заво́д** курал-жабдык чыгаруучу завод; **оруже́йный склад** курал-жабдык склады.

**ОРУЖЕНО'СЕЦ** *м.* курал көтөрүүчү (1. *ист. орто кылымдагы рыцарлардын курал-жабдыктарын көтөрүп жүрүүчү жигит*; 2. *перен. неодобр. кулдук уруп, кол куушуруп бирөөнүн артынан ээрчүүчү адам; бирөөнүн камчысын чабуучу*).

**ОРУ'ЖИЕ** *ср.* 1. курал, курал-жабдык (*согуштук куралдардын жалпы аттары*); **холо́дное ору́жие** сайма (чапма) курал (*канжар, кылыч сыяктуу куралдар*); **огнестре́льное ору́жие** атылма курал (*мылтык, тапанча, замбирек ж. б.*); 2. *перен.* курал; **печа́ть — могу́чее ору́жие** басма сөз — кубаттуу курал; ◇ **сложи́ть ору́жие** багынуу, моюн сунуу.

**ОРФОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **орфография**-*га т.*; орфографиялык; **орфографи́ческий слова́рь** орфографиялык сөздүк; **орфографи́ческая оши́бка** орфографиялык ката.

**ОРФОГРА'ФИЯ** *ж.* орфография (*туура жазуу эрежеси*); **ру́сская орфогра́фия** орус орфографиясы; **кирги́зская орфогра́фия** кыргыз орфографиясы; **пра́вила орфогра́фии** орфографиянын эрежелери.

**ОРФОЭПИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *лингв.* **орфоэпия**-*га т.*; орфоэпиялык; **орфоэпи́ческие но́рмы кирги́зского литерату́рного языка́** кыргыздын адабий тилинин орфоэпиялык нормалары.

**ОРФОЭ'ПИЯ** *ж. лингв.* орфоэпия (*сөздү үлгүлүү, так айтуу эрежеси*).

**ОРХИДЕ'Я** *ж.* орхидея (*гүлдөрүнүн формасы укмуштуу, атыр жыттуу тропик өсүмдүгү*).

**ОСА'** *ж.* (*мн.* **о́сы**) аары.

**ОСА'ДА** *ж.* камоо, чулгоо, тегеректөө, курчоо (*басып алуу максатында чыңдалган пунктту камалоо*); **оса́да кре́пости** крепостту курчоо; **снять оса́ду** курчоодон бошотуу.

**ОСАДИ'ТЬ** I *сов. что* камалоо, тегеректеп алуу, курчоо; **осади́ть го́род** шаарды курчап алуу.

**ОСАДИ'ТЬ** II *сов. что* тундуруу, түбүнө тундуруу; **осади́ть муть** ылайын тундуруу.

**ОСАДИ'ТЬ** III *сов.* 1. *кого-что* (*остановить*) тык токтотуу (*жүрүп бараткан атты*); **осади́ть ло́шадь** атты тык токтотуу; 2. *кого, перен. разг.* (*дать отпор*) тыюу, оозуктоо.

**ОСА'ДКА** *ж.* 1. чөгүү, басырылуу, отуруу (*мис. жер, дубал*); 2. осадка (*кеменин сууга чөккөн, баткан бөлүгү*); **небольша́я оса́дка су́дна** кеменин анча-мынча чөгүшү (*сууга баткан бөлүгүнүн бийиктиги*).

**ОСА'ДКИ** *только мн., метеор.* жаан-чачын; **атмосфе́рные оса́дки** жаан-чачын, жаан-жуун.

**ОСА'ДНЫЙ,** -ая, -ое **осада**-*га т.*; **оса́дная артилле́рия** камалоо артиллериясы; **оса́дное положе́ние** курчоодо калуу, камоодо калуу абалы.

**ОСА'ДОК** *м.* 1. тунма (*суюк нерсенин түбүнө тунуучу нерсе*); **оса́док в вине́** винонун тунмасы; 2. *перен.* чикерт,

www.bizdin.kg

так (*көңүлдөгү так, чикерт*); **от разговóра с ним у меня́ остáлся неприя́тный осáдок** аны менен сүйлөшүүдөн менин көңүлүмдө жаман чикерт (так) калды.

**ОСА'ДОЧНЫЙ** I, -ая, -ое **осадки**-*ге т*; жаан-чачындуу.

**ОСА'ДОЧНЫЙ** II, -ая, -ое; **осáдочные гóрные порóды** тунма тоо пороодалары (*башка пороодалардын тунмасынан, сыныктарынан пайда болгон, химиялык эритмелердин тунмасынан түшкөн; мис. кум, топурак, гипс ж. б.*).

**ОСАЖДА'ТЬ** I *несов. см.* **осади́ть** I; ◇ **осаждáть** *кого-л.* **прóсьбами** *бирөөдөн* сурап жадатып бүтүрүү.

**ОСАЖДА'ТЬ** II *несов. см.* **осади́ть** III.

**ОСАЖДА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*выделяться из жидкости*) чөгүү, түбүнө туруу; **2.** (*об атмосферных осадках*) жааш (*мис. кар, жамгыр*); **3.** *страд. к* **осаждáть.**

**ОСАЖДЕ'НИЕ** *ср.* тунуу, тундуруу, түбүнө тундуруу, түбүнө чөгүү.

**ОСАЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **осади́ть; 2.** *прил.* камалган, тегеректелген, курчалган; **осаждённый гóрод** курчоодо калган шаар.

**ОСА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **осади́ть** III.

**ОСА'НИСТОСТЬ** *ж.* келишимдүүлүк, келбеттүүлүк.

**ОСА'НИСТЫЙ,** -ая, -ое келишимдүү, келбеттүү; **осáнистый мужчи́на** келбеттүү эркек; **осáнистый вид** келишимдүү түр.

**ОСА'НКА** *ж.* келбет; **гóрдая осáнка** сыймыктуу келбет.

**ОСАТАНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жаалданган, жини карманган; **останéлый враг** жаалданган душман.

**ОСАТАНЕ'ТЬ** *сов. разг.* жаалдануу, жини кармоо.

**ОСВА'ИВАНИЕ** *ср.* өздөштүрүү.

**ОСВА'ИВАТЬ** *несов. см.* **освóить.**

**ОСВА'ИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **освóиться; 2.** *страд. к* **осваивать.**

**ОСВЕДОМИ'ТЕЛЬ** *м.* кабар берүүчү, билдирүүчү.

**ОСВЕДОМИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кабар берүүчү, билдирүүчү.

**ОСВЕ'ДОМИТЬ** *сов. кого-что* кабар берүү, кабардар кылуу, билдирүү, эскертип коюу; **освéдомить присýтствующих о случи́вшемся** болгон окуя жөнүндө ошол жердегилерге билдирүү.

**ОСВЕ'ДОМИТЬСЯ** *сов.* кабар алуу, кабардар болуу, билүү; **освéдомиться о прибы́тии пóезда** поезддин келиши жөнүндө кабар алуу.

**ОСВЕДОМЛЕ'НИЕ** *ср.* кабар берүү, кабардар кылуу, кабардар кылып коюу, билдирүү, билдирип коюу, эскертип коюу.

**ОСВЕДОМЛЁННОСТЬ** *ж.* кабардар болгондук, билгендик.

**ОСВЕДОМЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **освéдомить; 2.** *прил.* кабардар, кабары бар, биле турган.

**ОСВЕДОМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **освéдомить.**

**ОСВЕДОМЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **освéдомиться; 2.** *страд. к* **осведомля́ть.**

**ОСВЕЖА'ТЬ** *несов. см.* **освежи́ть.**

**ОСВЕЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **освежи́ться; 2.** *страд. к* **освежáть.**

**ОСВЕЖЕВА'ТЬ** *сов. кого-что* терисин сыйрып, ичек-кардын алуу (*малдын, айбандын*); **освежевáть тýшу быкá** өгүздүн терисин сыйрып, ичек-кардын алуу.

**ОСВЕЖЕ'НИЕ** *ср.* салкындатуу, желдетүү, сергитүү.

**ОСВЕЖИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сергитүүчү, эс алдыруучу; **освежи́тельный ветерóк** сергитүүчү жел; **освежи́тельный напи́ток** сергитүүчү суусун.

**ОСВЕЖИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*сделать свежим; проветрить*) салкындатуу, сергитүү, эс алдыруу; **дождь освежи́л вóздух** жаан абаны салкындатып кетти; **2.** *что* (*обновить*) жаңыртуу; **освежи́ть крáски на портрéте** портреттин боёгун жаңыртуу; **3.** *кого-что* (*восстановить силы*) оңоо, оңолтуу, сергитүү; **óтдых освежи́л егó** дем алуу аны оңолтту; **купáнье освежи́ло егó** сууга түшүү аны оңоду; **4.** *что* (*в памяти*) жаңыртуу, толуктоо; **освежи́ть свои́ знáния** өзүнүн билгендерин жаңыртуу.

**ОСВЕЖИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*проветриться*) салкындоо, салкын тартуу, желдетилүү; **вóздух освежи́лся** аба салкындады; **2.** (*о восстановлении сил*) оңолуу, оңдонүү, сергүү (*мис. салкын абага чыгып*); **3.** (*в памяти*) жаңыруу, толукталуу.

**ОСВЕТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жарык кылуучу, жарык берүүчү; **освети́тельные прибóры** жарык кылуучу приборлор.

**ОСВЕТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* жарык кылуу, жарык тийүү; **сóлнце освети́ло верши́ны гор** күндүн шооласы тоолордун чокуларына тийди; **освети́ть дорóгу фонарём** жолду фонарь менен жарык кылуу; **2.** *что, перен.* (*объяснить, изложить*) айтып *же* жазып түшүндүрүү, баяндоо; **освети́ть положéние** абалды айтып *же* жазып түшүндүрүү.

**ОСВЕТИ'ТЬСЯ** *сов.* жарык болуу; **сцéна я́рко освети́лась** сахна абдан жарык болду.

**ОСВЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **освети́ть.**

**ОСВЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **освети́ться; 2.** *страд. к* **освещáть.**

**ОСВЕЩЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) жарык кылуу, жарык кылынуу; **2.** (*свет*) жарык; **искýсственное освещéние** бир нерсе менен жарык кылуу; **я́ркое освещéние** абдан жарык; **электри́ческое освещéние** электр жарыгы; **3.** *перен.* (*объяснение*) айтып *же* жазып түшүндүрүлүү, айтып *же* жазып түшүндүрүү, баяндоо, баяндалуу, жазуу; **достовéрное освещéние собы́тий** болгон окуяны болгонундай кылып баяндоо.

**ОСВЕЩЁННОСТЬ** *ж.* **1.** жарыктык, жарык кылынгандык; **2.** *перен.* түшүндүрүлгөндүк, баяндалгандык, жазылгандык.

**ОСВЕЩЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **освети́ть; 2.** *прил.* жарык кылынган; **3.** *прил. перен.* түшүндүрүлгөн, баяндалган, жазылган.

**ОСВИДЕ'ТЕЛЬСТВОВАНИЕ** *ср.* карап аныктоо, карап чыгуу, текшерип көрүү, күбөлөндүрүү.

**ОСВИДЕ'ТЕЛЬСТВОВАТЬ** *сов. кого-что* карап аныктоо, карап чыгуу, карап текшерип көрүү, күбөлөндүрүү; **освидéтельствовать больнóго** оору кишини карап текшерип көрүү.

**ОСВИСТА'ТЬ** *сов. кого-что* жактырбай ышкыруу; **освистáть плохýю игрý актёра** артисттин начар ойноосун жактырбай ышкыруу.

**ОСВИ'СТЫВАТЬ** *несов. см.* **освистáть.**

**ОСВОБОДИ'ТЕЛЬ** *м.* боштоуучу, куткаруучу, эркиндик берүүчү.

**ОСВОБОДИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **освободи́тель.**

**ОСВОБОДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое боштоуучу, куткаруучу, боштондукка чыгаруучу, азат кылуучу; **освободи́тельное движéние** боштондукка чыгуу кыймылы; **освободи́тельная войнá** боштондукка чыгуу үчүн жүргүзүлгөн согуш.

**ОСВОБОДИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* бошотуу, куткаруу, эрк берүү, азат кылуу; **освободи́ть от врагá роднýю зéмлю** туулуп өскөн жерди душмандан бошотуу; **освободи́ть заключённых** камактагыларга эрк берүү; **2.** *кого-что* (*избавить*) бошотуу, куткаруу; **освободи́ть от дежýрства** дежурный болуудан бошотуу; **3.** *что* (*очистить, опорожнить*) бошотуу; **освободи́ть помещéние** имаратты (үйдү) бошотуу; **освободи́ть чемодáн** чемоданды бошотуу; **4.** *кого-что* (*уволить*) бошотуу (*мис. кызматынан*); **освободи́ть от обя́занностей дирéктора** директордук милдетинен бошотуу.

**ОСВОБОДИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать свободным, получить свободу*) кутулуу, эрк алуу; **2.** (*избавиться*) кутулуу; **3.** (*стать незанятым*) бошоо; **мéсто освободи́лось** орун бошоду.

www.bizdin.kg

**ОСВОБОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **освободи́ть.**

**ОСВОБОЖДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **освободи́ться;** 2. *страд. к* **освобожда́ть.**

**ОСВОБОЖДЕ'НИЕ** *ср.* бошотуу, куткаруу, эрк берүү, азат кылуу.

**ОСВОБОЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **освободи́ть;** 2. *прил.* бошотулган, куткарылган, кутулган, эрк берилген, эрк алган.

**ОСВОЕ'НИЕ** *ср.* өздөштүрүү; **освое́ние цели́нных и за́лежных земе́ль** дың жана көптөн бери айдалбаган жерлерди өздөштүрүү; **освое́ние но́вой те́хники** жаңы техниканы өздөштүрүү.

**ОСВО'ИТЬ** *сов. что* өздөштүрүү; **осво́ить но́вое произво́дство** жаңы өндүрүштү өздөштүрүү; **осво́ить но́вые маши́ны** жаңы машиналарды өздөштүрүү; **осво́ить вы́пуск но́вых тка́ней** жаңы ткандарды чыгарууну өздөштүрүү.

**ОСВО'ИТЬСЯ** *сов.* көнүгүү, үйрөнүү, үйрөнүп кетүү, үйүр алуу; **ребёнок бы́стро осво́ился в де́тском саду́** бала балдар бакчасына тез эле үйрөнүп кетти.

**ОСВЯТИ'ТЬ** *сов. что* 1. *церк.* касиет киргизүү, касиеттүү кылуу (*чиркөөнүн ырым-жырымдары менен*); 2. *перен.* ардактоо, касиеттөө.

**ОСВЯЩА'ТЬ** *несов. см.* **освяти́ть.**

**ОСВЯЩЁННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **освяти́ть; обы́чай, освящённый века́ми** кылымдардан бери ардакталып сакталган адат.

**ОСЕВО'Й,** -а́я, -о́е **ось**-*ке т.*; **осева́я ли́ния** негизги сызык (багыт).

**ОСЕДА'НИЕ** *ср.* 1. (*напр. до́ма*) төмөн түшүү, төмөн басырылуу (*мис. эски имарат*); 2. (*напр. гущи, пыли*) тунуу, конуу, чөгүү.

**ОСЕДА'ТЬ** *несов. см.* **осе́сть.**

**ОСЕДЛА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. ээр токуу; **оседла́ть ло́шадь** атка ээр токуу; 2. *перен. разг.* (*подчинить*) багындыруу, бой сундуруу.

**ОСЕ'ДЛОСТЬ** *ж.* отуруктуулук, көчмөн эместик.

**ОСЕ'ДЛЫЙ,** -ая, -ое отурукташкан; **осе́длое населе́ние** отурукташкан калк.

**ОСЕКА'ТЬСЯ** *несов. см.* **осе́чься.**

**ОСЁЛ** *м.* (*мн.* **ослы́**) 1. эшек; 2. *перен. разг.* эшек (*акылы кем, ыгы жок өжөр киши*).

**ОСЕЛО'К** *м.* (*точильный камень*) бүлөө.

**ОСЕМЕНЕ'НИЕ** *ср. биол., с.-х.* куудуруу, жасалма жол менен каратуу, жасалма жол менен боозутуу; **иску́сственное осемене́ние кобыли́ц** бээлерди жасалма жол менен каратуу (боозутуу).

**ОСЕМЕНИ'ТЬ** *сов. кого-что, биол., с.-х.* куудуруу, жасалма жол менен каратуу, жасалма жол менен боозутуу.

**ОСЕМЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **осемени́ть.**

**ОСЕНИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. каптоо, шыктандыруу, басуу; **улы́бка осени́ла его́ лицо́** анын бетин жылмайган күлкү басты; 2. *перен.* (*о мысли, догадке*) кылт этип ойго келе калуу; **его́ осени́ла блестя́щая иде́я** анын оюна кылт этип сонун идея келе калды.

**ОСЕ'ННИЙ,** -яя, -ее **осень**-*ге т.*; күзгү, күзүндөгү, күздүк; **осе́нние цветы́** күзүндө ачылуучу гүлдөр; **осе́нний дождь** күзгү жамгыр; **осе́ннее пальто́** күзгү пальто.

**О'СЕНЬ** *ж.* күз; ◇ **цыпля́т по о́сени счита́ют** *погов.* малдын төлүн күзүндө сана.

**О'СЕНЬЮ** *нареч.* күзүндө, күз маалында.

**ОСЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **осени́ть.**

**ОСЕ'РДИЕ** *ср.* (*ливер*) өпкө-боор.

**ОСЕРЧА'ТЬ** *сов. на кого-что, прост.* ачуулануу, ачуусу келүү.

**ОСЕ'СТЬ** *сов.* 1. төмөн түшүү, төмөн басырылуу; **дом осе́л** үй төмөн түштү; 2. (*опуститься слоем*) тунуу, конуу, чөгүү; **гу́ща осе́ла на дно бо́чки** коюусу бочканын түбүнө тунду; **пыль осе́ла** чаң конду; 3. (*поселиться*) отурукташуу, көчмөндүктөн отурукка айлануу; **осе́сть на се́вере** түндүктө отурукташуу.

**ОСЕТИ'Н** *м.* осетин.

**ОСЕТИ'НКА** *женск. р. к* **осети́н.**

**ОСЕТИ'НСКИЙ,** -ая, -ое **осетин**-*ге т.*; **осети́нский язы́к** осетин тили; **осети́нский фолькло́р** осетин фольклору.

**ОСЕТИ'НЫ** *мн.* осетиндер.

**ОСЁТР** *м.* осётр (*сөөксүз балыктын бир түрү*).

**ОСЕТРИ'НА** *ж.* осетрина (*осётр балыктын эти*).

**ОСЕТРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **осётр**-*га т.*; **семе́йство осетро́вых** осётр балыгынын тукуму; **осетро́вый балы́к** осётр балыгынын сүрсүтүлгөн жон эти.

**ОСЕ'ЧКА** *ж.* 1. дүрмөт от албоо, атылбай калуу; **ружьё да́ло осе́чку** мылтык атылбай калды; 2. *перен.* (*промах, неудача*) жол болбоо, жолу болбой калуу, кырсык.

**ОСЕ'ЧЬСЯ** *сов.* 1. (*в разговоре*) жаагы жап болуу, оозун жыйып алуу; 2. *перен.* (*потерпеть неудачу*) иш болбой калып мизи кайтуу, жели чыгуу.

**ОСИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **оси́лить.**

**ОСИ'ЛИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*победить*) жеңүү, күчкө салып жеңүү, жыгып алуу; 2. *что, перен.* койбой жатып бүтүрүү, эптеп бүтүрүү; **оси́лить то́лстую кни́гу** калың китепти койбой бүтүрүү; 3. *что, разг.* (*с трудом съесть, выпить*) койбой жатып түгөтүү, эптеп түгөтүү (*ичүү, жеш*).

**ОСИ'НА** *ж.* бай терек.

**ОСИ'ННИК** *м.* бай теректүү токой.

**ОСИ'НОВИК** *м.* осиновик (*козу карындын бир түрү*).

**ОСИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **осина**-*га т.*; **оси́новый лист** бай теректин жалбырагы; ◇ **дрожа́ть как оси́новый лист** *погов.* бай теректин жалбырагындай дирилдөө (дирилдеп коркуу).

**ОСИ'НЫЙ,** -ая, -ое **оса**-*га т.*; **оси́ный мёд** аары балы; **оси́ное гнездо́** 1) аарынын уюгу; 2) *перен.* кесептердин уясы; ◇ **оси́ная та́лия** кыпча бел.

**ОСИ'ПЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* кыркыраган, кирилдеген; **оси́плый го́лос** кыркыраган үн.

**ОСИ'ПНУТЬ** *сов.* үн бүтүү, кырылдап калуу.

**ОСИ'ПШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **оси́пнуть;** 2. *прил.* кырылдап калган (*үн*).

**ОСИРОТЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое 1. жетим калган, жетим болгон; **осироте́лые де́ти** жетим калган балдар; **осироте́лые птенцы́** жетим калган балапандар; 2. *перен.* (*покинутый*) ээн калган (*мис. үй*).

**ОСИРОТЕ'ТЬ** *сов.* 1. жетим калуу; 2. *перен.* ээн калуу (*мис. үй*).

**ОСКА'БЛИВАТЬ** *несов. см.* **оскобли́ть.**

**ОСКА'Л** *м.* арсайып ачылып турган тиш; **оска́л зубо́в** тиштердин арсайып ачылышы; **во́лчий оска́л** тиштин карышкырдыкындай болуп арсайышы.

**ОСКА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **оска́лить.**

**ОСКА'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **оска́литься.**

**ОСКА'ЛИТЬ** *сов.*: **оска́лить зу́бы** тиштерин арсайтуу (*мис. ит*).

**ОСКА'ЛИТЬСЯ** *сов.* тишин арсайтуу.

**ОСКАЛЬПИ'РОВАТЬ** *сов. кого-что* бирөөнүн баш терисин сыйрып алуу.

**ОСКАНДА'ЛИТЬСЯ** *сов.* уят болуу, уят болуп калуу, маскара болуу, маскара болуп калуу.

**ОСКВЕРНЕ'НИЕ** *ср.* кордоо, кор кылуу, булгоо.

**ОСКВЕРНИ'ТЕЛЬ** *м.* кордоочу, булгоочу.

**ОСКВЕРНИ'ТЬ** *сов. что* кордоо, кор кылуу, булгоо, арам кылуу; **оскверни́ть пи́щу** тамакты арам кылуу; **оскверни́ть святы́ню** касиеттүү нерсени кордоо.

**ОСКВЕРНИ'ТЬСЯ** *сов.* кордолуу, булгануу, арам болуп калуу.

**ОСКВЕРНЯ'ТЬ** *несов. см.* **оскверни́ть.**

www.bizdin.kg

**ОСКВЕРНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оскверни́ться**; 2. *страд. к* **оскверни́ть.**

**ОСКЛА'БИТЬ** *сов.*: **оскла́бить рот** *разг.* тиштерин ырсайтуу, ырсаюу (*жылмайып*).

**ОСКЛА'БИТЬСЯ** *сов. разг.* тиштерин ырсайтып, жылмайып күлүү.

**ОСКОБЛИ'ТЬ** *сов. что* кыруу, сүрүү; **оскобли́ть мездру́ с ко́жи** теринин челин кыруу.

**ОСКО'ЛОК** *м.* сынык, майда сынык; **оско́лок стекла́** айнектин майда сыныгы; **оско́лок снаря́да** снаряддын майда сыныгы; ◊ **оско́лок ста́рого ми́ра** эски дүйнөнүн калдыгы.

**ОСКО'ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое **осколок**-*ко п.*; **оско́лочная бо́мба** жарылып майдаланып кетүүчү бомба.

**ОСКО'МИНА** *ж.* тиш камалуу; **наби́ть оско́мину** 1) тишин каматып алуу; 2) *перен.* абдан жадатуу, көкөйгө тийүү.

**ОСКОПИ'ТЬ** *сов. кого-что* биттеп салуу (*барана*); бычып салуу (*жеребца*); энин алып таштоо (*человека*).

**ОСКОПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оскопи́ть.**

**ОСКОРБИ'ТЕЛЬ** *м.* кордоочу, боктоочу.

**ОСКОРБИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* кордоп, кордогон түрдө, кемсинтип.

**ОСКОРБИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кордогондук, кор кылгандык.

**ОСКОРБИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кордогон, кор кылган; **оскорби́тельный намёк** кордогон каңкуу.

**ОСКОРБИ'ТЬ** *сов. кого-что* кордоо, кор кылуу, кемсинтүү, акарат кылуу; **оскорби́ть де́йствием** аракети менен кордоо (*сабоо, муштоо ж. б.*); **оскорби́ть чьи-л. чу́вства** биревнүн сезимин кемсинтүү.

**ОСКОРБИ'ТЬСЯ** *сов.* ыза болуу, таарынуу.

**ОСКОРБЛЕ'НИЕ** *ср.* кордоо, кордук көрсөтүү, кемсинтүү, акарат кылуу; **оскорбле́ние на слова́х** сөз менен кордоо; **оскорбле́ние де́йствием** аракет менен кордук көрсөтүү (*сабоо, муштоо ж. б.*).

**ОСКОРБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оскорби́ть.**

**ОСКОРБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оскорби́ться**; 2. *страд. к* **оскорбля́ть.**

**ОСКРЁБКИ** *мн. прост.* кырмычык; идиштен чыккан кырынды, какмар.

**ОСКУДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **оскуде́ть.**

**ОСКУДЕ'НИЕ** *ср.* түгөнүү, азаюу, соолуу, кемүү.

**ОСКУДЕ'ТЬ** *сов.* түгөнүү, азаюу, соолуу, кемүү.

**осла́** *род. и вин. п. от* **осёл.**

**ОСЛАБЕВА'ТЬ** *несов. см.* **ослабе́ть.**

**ОСЛАБЕ'ТЬ** *сов.* бошоо, начарлануу, алсыздануу.

**ОСЛА'БИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* начарлатуу; **боле́знь осла́била органи́зм** оору организмди начарлатты; 2. *что* (*уменьшить силу чего-л.*) бошоңдотуу, бошоң тарттыруу; **осла́бить внима́ние** *к чему-л. бир нерсеге* көңүл бөлүүнү бошоңдотуу; **осла́бить контро́ль** контролдукту бошоңдотуу.

**ОСЛАБЛЕ'НИЕ** *ср.* начарлатуу; бошоңдотуу, бошоң тарттыруу.

**ОСЛАБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **осла́бить.**

**ОСЛА'БНУТЬ** *сов. разг. см.* **ослабе́ть.**

**ОСЛА'ВИТЬ** *сов. кого-что* ушак таратуу, жаманатты кылуу.

**ОСЛАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **осла́вить.**

**ОСЛЁНОК** *м.* (*мн.* **осля́та**) кодик.

**ОСЛЕПИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* өтө жарык, көздү уялтып.

**ОСЛЕПИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. өтө жаркырактык, көздү уялткандык; 2. *перен.* укмуштуулук, эң эле укмуштуулук (*мис. эң сулуулук*).

**ОСЛЕПИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. өтө жаркырак, көздү уялтуучу; **ослепи́тельный свет со́лнца** күндүн көздү уялтуучу нуру; 2. *перен.* укмуштуу, эң эле укмуштуу, көздүн жоосун алган; **ослепи́тельная красота́** укмуштуу сулуу, укмуштуу сулуулук.

**ОСЛЕПИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*лишить зрения*) сокурайтуу, сокур кылуу, көр кылуу; 2. (*ярким светом*) көздү уялтуу; **ослепи́ть лучо́м прожéктора** прожектордун жарыгы менен көздү уялтуу; 3. *перен.* (*поразить*) өтө таң калтыруу, көздүн жоосун алуу; **ослепи́ть свое́й красото́й** өзүнүн сулуулугу менен өтө таң калтыруу.

**ОСЛЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. сокурайтуу, сокур кылуу, көр кылуу; 2. *перен.* эмне кыларын билбей, айласын таппай калуу.

**ОСЛЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **ослепи́ть.**

**ОСЛЕ'ПНУТЬ** *сов.* сокур болуу, көр болуп калуу; **осле́пнуть на оди́н глаз** бир көзү көрбөй, сокур болуп калуу.

**ОСЛИ'ЗЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жылмышма, былжырлуу.

**ОСЛИ'ЗНУТЬ** *сов. разг.* жылмышма болуу.

**О'СЛИК** *м. уменьш. от* **осёл** 1 эшек.

**ОСЛИ'НЫЙ,** -ая, -ое **осёл**-*го п.*; **осли́ные у́ши** эшектин кулагы; **осли́ное упря́мство** *перен.* эшектин кыйыктыгы.

**ОСЛИ'ЦА** *ж.* ургаачы эшек.

**ОСЛОЖНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) татаалдантуу, чиелентүү, оордоштуруу, кыйынга айландыруу (*мис. маселени*); 2. (*препятствие*) татаалдануу, чиеленүү, тоскоолдук; **встре́титься с но́выми осложне́ниями** жаңы тоскоолдукка учуроо; 3. (*заболевание*) кошумча оору (*негизги оорунун таасири менен пайда болгон оору*); **осложне́ние по́сле ко́ри** кызылчадан кийин болгон кошумча оору; **осложне́ние по́сле гри́ппа** грипптен кийин болгон кошумча оору.

**ОСЛОЖНИ'ТЬ** *сов. что* татаалдантуу, чиелентүү, оордоштуруу, кыйынга айландыруу; **осложни́ть рабо́ту** ишти татаалдантуу; **осложни́ть положе́ние** абалды кыйындатуу.

**ОСЛОЖНИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*стать сложным*) татаалдануу, чиеленишүү, кыйынга айлануу; **положе́ние осложни́лось** абал татаалданды; 2. *мед.* кабылдоо, күчөө, улааруу; **грипп осложни́лся воспале́нием лёгких** грипптин салдарынан кагын пайда болду.

**ОСЛОЖНЯ'ТЬ** *несов. см.* **осложни́ть.**

**ОСЛОЖНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **осложни́ться**; 2. *страд. к* **осложня́ть.**

**ОСЛУША'НИЕ** *ср.* тил албоо.

**ОСЛУ'ШАТЬСЯ** *сов. кого-чего, разг. уст.* тил албай коюу.

**ОСЛЫ'ШАТЬСЯ** *сов.* чала угуу, жаңылыш угуу.

**ОСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **осмотре́ть.**

**ОСМА'ТРИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **осмотре́ться**; 2. *страд. к* **осма́тривать.**

**ОСМЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **осмея́ть.**

**ОСМЕЛЕ'ТЬ** *сов.* кайраттануу, кайратына келүү.

**ОСМЕ'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **осме́литься.**

**ОСМЕ'ЛИТЬСЯ** *сов. с неопр.* кайратына келүү, батымы баруу, эрдик кылуу; **осме́литься возража́ть** каршы айтууга батынуу; **я не осме́лился ему́ сказа́ть** ага айтууга батына албадым.

**ОСМЕЯ'НИЕ** *ср.* күлүү, күлкү кылуу, шылдыңдоо, шылдың кылуу; **подве́ргнуть** *что-л.* **осмея́нию** *бир нерсени* күлкү кылуу.

**ОСМЕЯ'ТЬ** *сов. кого-что* күлүү, күлкү кылуу, шылдыңдоо, шылдың кылуу.

**О'СМИЙ** *м. хим.* осмий (*металлдын бир түрү*).

**ОСМОЛИ'ТЬ** *сов. что* чайыр менен каптоо, чайыр сыйпоо (*мис. кемени*).

**ОСМО'ЛКА** *ж.* чайыр менен каптоо, чайыр сыйпоо.

**О'СМОС** *м. физ.* осмос (*эритүүчүнүн жаргак тосмо аркылуу эритиндини көздөй сызылып өтүшү*).

**ОСМО'ТР** *м.* кароо, көрүү, текшерип көрүү; **осмо́тр карти́н** сүрөттөрдү кароо; **техни́ческий осмо́тр** техникалык кароо (текшерип көрүү).

**ОСМОТРЕ'ТЬ** *сов. кого-что* кароо, карап чыгуу, көрүү, карап көрүү, ар жактан кароо, айландыра кароо; **осмот-**

www.bizdin.kg

**ре́ть вы́ставку** көргөзмөнү карап чыгуу; **осмотре́ть больно́го** ооруну кароо, ооруну карап көрүү.

**ОСМОТРЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*вокруг*) карануу, эки жагын карануу; **он вошёл в зал и осмотре́лся** ал залга кирип, эки жагын каранды; 2. *перен.* (*привыкнуть*) көнүү, үйрөнүү, үйүр алуу; **осмотре́ться в но́вом го́роде** жаңы шаарга көнүү.

**ОСМОТРИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* сактык менен, этияттуулук менен.

**ОСМОТРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* сактык, этияттык, аярдык; **прояви́ть осмотри́тельность** сактык көрсөтүү.

**ОСМОТРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое сак, аяр; **осмотри́тельный челове́к** сак киши.

**ОСМО'ТРЩИК** *м.* текшергич, карагыч.

**ОСМЫСЛЕ'НИЕ** *ср.* маани берүү, түшүнүү, пикир берүү.

**ОСМЫ'СЛЕННО** *нареч.* маани берип, түшүнүп, ойду билдирип; **ребёнок уже́ смо́трит осмы́сленно** бала бир нерсеге түшүнүп кароочу болду.

**ОСМЫ'СЛЕННОСТЬ** *ж.* маанилүүлүк, түшүнүктүк.

**ОСМЫ'СЛЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **осмы́слить**; 2. *прил.* (*разумный, сознательный*) маанилүү, түшүнүлгөн, жакшы ойлонулган; **осмы́сленный отве́т** маанилүү жооп; **осмы́сленный взгляд** ойлонуп кароо.

**ОСМЫ'СЛИВАТЬ** *несов. см.* **осмы́слить**.

**ОСМЫ'СЛИТЬ** *сов. что* маани берүү, түшүнүү, пикир берүү.

**ОСМЫСЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **осмы́слить**.

**ОСНАСТИ'ТЬ** *сов. что* 1. *мор.* жабдуу, жабдыктоо; **оснасти́ть су́дно** кемени жабдуу; 2. *перен.* жабдуу; **оснасти́ть а́рмию** армияны жабдуу; **оснасти́ть наро́дное хозя́йство передово́й те́хникой** эл чарбасын алдыңкы техника менен жабдуу.

**ОСНА'СТКА** *ж.* 1. (*действие*) жабдуу; **зако́нчить оса́стку су́дна** кемени жабдуу ишин бүтүрүү; 2. (*снасти*) жабдуулар, жабдыктар; **корабе́льная осна́стка** кеменин жабдуулары.

**ОСНАЩА'ТЬ** *несов. см.* **оснасти́ть**.

**ОСНАЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жабдуу; 2. (*оборудование*) жабдуулар, жабдыктар.

**ОСНАЩЁННОСТЬ** *ж.* жабдылыш, жабдылгандык; **техни́ческая оснащённость хозя́йства** чарбанын техника менен жабдылышы.

**ОСНО'ВА** *ж.* 1. (*остов*) уңгу, негиз; **деревя́нная осно́ва дива́на** дивандын жыгачтан жасалган бөлүгү; **деревя́нная осно́ва ю́рты** боз үйдүн кереге-ууктары; 2. (*источник, сущность*) негиз; **на осно́ве** негизинде; **положи́ть в осно́ву** негиз кылып алуу; **лежа́ть в осно́ве** негизи болуу; **приня́ть за осно́ву** негиз кылып алуу; 3. **осно́вы** *мн.* (*главные положения*) негиздер; **осно́вы фи́зики** физиканын негиздери; 4. *текст.* эриш; 5. *грам.* негиз, сөздүн негизи; **вы́делить осно́ву в сло́ве** сөздүн негизин ажыратуу.

**ОСНОВА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) уюштуруу, негиз салуу; 2. (*фундамент*) негиз, түп; **дом на ка́менном основа́нии** таш түптөлгөн үй, пайдувалы таш үй; 3. (*причина, повод*) негиз, себеп; **зако́нное основа́ние** закондуу негиз; **без вся́кого основа́ния** эч кандай негизсиз; **на основа́нии** *чего-л.* *бир нерсенин* негизинде; **на како́м основа́нии?** эмненин негизинде?, эмне себептен?; 4. *мат.* негиз; **основа́ние треуго́льника** үч бурчтуктун негизи; 5. *хим.* негиз; ◇ **до основа́ния** (*совсем, совершенно*) таптакыр.

**ОСНОВА'ТЕЛЬ** *м.* негиздөөчү, негиз салуучу.

**ОСНОВА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **основа́тель**.

**ОСНОВА'ТЕЛЬНО** *нареч.* негиздеп, жакшылап; **основа́тельно изучи́ть** *что-л.* *бир нерсени* жакшылап үйрөнүү.

**ОСНОВА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*вескость, обоснованность*) негиздүүлүк, олуттуулук; 2. (*положительность*) ишмердик, жакшылык; 3. (*прочность*) бекемдик, мыктылык.

**ОСНОВА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*веский*) негиздүү, олуттуу; **основа́тельный до́вод** негиздүү далил; **основа́тельная причи́на** негиздүү себеп; 2. (*дельный, положительный*) ишмер, жөн билгич; **он челове́к основа́тельный** ал жөн билгич киши (*колунан иш келе турган киши*); 3. (*крепкий, прочный*) бекем, мыкты; **основа́тельное сооруже́ние** бекем курулуш; 4. (*большой по размеру, весу*) оор, чоң, салмактуу; **основа́тельный груз** оор *же* чоң жүк.

**ОСНОВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*учредить*) уюштуруу, негиз салуу; **основа́ть музе́й** музей уюштуруу; 2. (*обосновать*) негиздөө; **основа́ть свой вы́воды на фа́ктах** өзүнүн тыянактарын фактыларга негиздөө.

**ОСНОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жайлашуу; **основа́ться на но́вом ме́сте** жаңы орунга жайлашуу.

**ОСНОВНО'Е** *ср. см.* **основно́й** 2.

**ОСНОВНО'Й**, -а́я, -о́е 1. (*самый существенный, главный*) негизги, түпкү; **основно́й слова́рный фонд** негизги сөздүк фонд; **основна́я цель** негизги максат; 2. *в знач. сущ. ср.* негизги; **нельзя́ упуска́ть из ви́ду основно́го** негизгини көз жаздымында калтырууга жарабайт; ◇ **в основно́м** негизинен.

**ОСНО'ВНЫЙ** I, -ая, -ое *хим.* негизги; **осно́вные со́ли** негизги туздар.

**ОСНО'ВНЫЙ** II, -ая, -ое *к о т* **основа** 4.; **осно́вные ни́ти** эриш, эриш жиптер.

**ОСНОВОПОЛАГА'ЮЩИЙ**, -ая, -ее негиз салуучу, негиз болуучу; **основополага́ющие труды́ кла́ссиков маркси́зма-ленини́зма** марксизм-ленинизм классиктеринин негиз салуучу эмгектери.

**ОСНОВОПОЛО'ЖНИК** *м.* негиз салуучу, негизин салган.

**ОСНО'ВЫ** *мн. см.* **осно́ва** 3.

**ОСНО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **основа́ть**

**ОСНО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **основа́ться**; 2. *на чём* (*иметь основанием*) негизделүү, негиз кылып алуу; **осно́вываться на фа́ктах** фактыларга негизделүү; 3. *страд. к* **осно́вывать**.

**ОСО'БА** *ж.* адам (*мурунку кезде — урматтуу, азыркы кезде — шылдың сөз*).

**ОСО'БЕННО** *нареч.* 1. (*необычно*) айрыкча, артыкча, **бы́ло осо́бенно мно́го наро́ду** эл айрыкча көп эле; 2. (*более всего, в особенности*) айрыкча, бөтөнчө, өзгөчө; **осо́бенно прия́тно ви́деть ста́рых друзе́й** эски досторду көрүү бөтөнчө көңүлгө жагат; ◇ **не осо́бенно** анчалык эмес; **не осо́бенно давно́** жакында эле.

**ОСО'БЕННОСТЬ** *ж.* айрыкчалык, бөтөнчөлүк, өзгөчөлүк, башкачалык; **осо́бенности киргизского языка́** кыргыз тилинин өзгөчөлүгү; **осо́бенности хлопково́дства** пахтачылыктын бөтөнчөлүктөрү; ◇ **в осо́бенности** өзгөчө; **его́ выступле́ние бы́ло в осо́бенности интере́сно послу́шать** анын сөзүн угуу өзгөчө кызык болду.

**ОСО'БЕННЫЙ**, -ая, -ое бөтөнчө, өзгөчө, айрыкча касиети бар; **он отлича́ется осо́бенной музыка́льностью** ал өзгөчө музыкалдуулугу менен айырмаланат; **ничего́ осо́бенного** эч кандай өзгөчөлүгү жок; **с осо́бенным удово́льствием** абдан жактырып; жан-дили менен.

**ОСОБНЯ'К** *м.* особняк (*айрым бир үй-бүлө туруучу өзүнчө үй*); **стари́нный особня́к** байыркы особняк.

**ОСОБНЯКО'М** *нареч.* бөлөк, өзүнчө бөлөк, өзүнчө обочо, өзүнчө обочолонуп; **держа́ться особняко́м** өзүнчө обочолонуп туруу; **жить особняко́м** өзүнчө бөлөк жашоо.

**ОСО'БО** *нареч.* 1. (*особенно*) айрыкча, артыкча, бөтөнчө, өзгөчө; 2. (*отдельно*) айрыкча, өзүнчө, өз алдынча, бөлөк, башка; **он живёт о́со́бо от семьи́** ал үй-бүлөсүнөн бөлөк өзүнчө турат.

**ОСО'БЫЙ**, -ая, -ое 1. бөтөнчө, өзгөчө, айрыкча касиети бар; **возни́кло осо́бое затрудне́ние** айрыкча кыйынчылык келип чыкты; 2. (*отдельный, независимый от других*) айрыкча, өзүнчө, өз алдынча, бөлөк, башка; **оста́ться при**

www.bizdin.kg

**особом мнении** өзүнчө пикирде калуу; **это — особая статья** мунун жөнү бир башка.

**О'СОБЬ** *ж. биол.* особь (*өзүнчө жашоочу организм*).

**ОСОВЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое *разг.* делдейген, элейген; **осовелый вид после сна** уктап тургандан кийинки делдейген кебете; **осовелый взгляд** элейген көз караш.

**ОСОВЕ'ТЬ** *сов. разг.* делдейүү, элейүү.

**ОСОЗНАВА'ТЬ** *несов. см.* **осознать**.

**ОСОЗНА'НИЕ** *ср.* баамдоо, түшүнүү.

**ОСОЗНА'ТЬ** *сов. что* баамдоо, түшүнүү; **осознать своё положение** өзүнүн ал-жайын түшүнүү.

**ОСО'КА** *ж.* өлөң чөп.

**ОСО'КОВЫЙ**, -ая, -ое **осока**-*га т.*; **семейство осоковых** өлөң чөп тукумуна кирүүчүлөр.

**ОСОКО'РНИК** *м.* кичине кара терек токою.

**ОСОКО'РЬ** *м.* кара терек.

**ОСОЛОВ'ЕТЬ** *сов. разг.* шалдыроо, ыксыроо.

**О'СПА** *ж.* чечек; **привить оспу** чечек эмдөө; **ветряная оспа** суу чечек (*чечек сымал оорунун бир түрү*).

**ОСПА'РИВАТЬ** *несов.* 1. *см.* **оспорить**; 2. *что* (*добиваться*) талашуу, мелдешүү; **оспаривать первую премию** биринчи сыйлыкты талашуу; **оспаривать звание чемпиона** чемпион деген наам үчүн мелдешүү.

**О'СПЕННЫЙ**, -ая, -ое **оспа**-*га т.*; **оспенный знак** чечек чаары; **оспенный больной** чечек чыккан оору киши.

**О'СПИНА** *ж.* чечек жарасы, чечектин орду.

**ОСПОПРИВИВА'НИЕ** *ср.* чечек эмдөө.

**ОСПОПРИВИВА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **оспопрививание**-*га т.*; **оспопрививательный пункт** чечек эмдөө пункту.

**ОСПО'РИТЬ** *сов. кого-что* натуура каршы чыгуу; **оспорить чьё-л. заявление** *бирөөнүн* айтканына каршы чыгып талашуу.

**ОСРАМИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* уят кылуу, уятка калтыруу, маскара кылуу, шерменде кылуу.

**ОСРАМИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* уят болуу, уятка калуу, шылдың (күлкү) болуу, маскара болуп калуу, шерменде болуу.

**ОСТ** *м. мор.* ост (*чыгыш*).

**ОСТАВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **остаться**; ◇ **счастливо оставаться** жакшы калгыла, жакшы калыңыз, жакшы тургула, жакшы туруңуз.

**ОСТА'ВИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*не взять с собой*) таштап кетүү, албай кетүү; **оставить детей дома** балдарды үйгө таштап кетүү; **оставить книгу у товарища** китепти жолдошуна таштап кетүү; 2. *что, чего* (*сохранить, приберечь*) алып калуу, атайлап алып калуу, алып коюу, калтыруу, сактоо, сактап калуу; **оставить масла на утро** майды эртең менен кийге калтыруу; **оставить для товарища билет в театр** жолдошу үчүн театрга билет алып коюу; **оставить за собой право** өзүнүн укугун сактап калуу; 3. *кого-что* (*сохранить в каком-л. положении, состоянии*) калтыруу; **оставить пол неокрашенным** полду боёлбогон бойдон калтыруу; **оставить приговор в силе** өкүмдү күчүндө калтыруу; **оставить вопрос открытым** маселени чечилбеген бойдон калтыруу; 4. *кого-что* (*заставить остаться*) алып калуу, калтыруу; **оставить гостей ночевать** конокторду конууга алып калуу; 5. *кого-что* (*покинуть*) кетүү, таштап кетүү; **оставить семью** үй-бүлөсүн таштап кетүү; **силы оставили его** анын алы кетти, каруусу кетти; 6. *что* (*отказаться*) коюу, коюу; **оставить надежду** үмүт үзүү; **оставить мысль** ойлогонду коюу; 7. *что* (*прекратить*) токтотуу, жайына коюу; **оставьте разговоры** сүйлөшүүнү токтоткула; **оставьте, это не ваше дело** жайына коюңуз, бул сиздин ишиңиз эмес; 8. *кого-что без чего* -сыз калтыруу, ... жок калтыруу; **оставить без денег** акчасыз калтыруу; **оставить заявление без ответа** арызды жоопсуз калтыруу; ◇ **оставить без внимания** көңүл бурбай коюу, капарга албай коюу; **оставить без последствий** натыйжасыз калтыруу; **не оставь меня** (*не позабудь*) мага жардам көрсөтө жүр, мени унутуп койбо; **оставить в дураках** акмак кылуу, сызга отургузуу; **оставить в покое** тынчтык берүү; **оставить позади** артта калтыруу; **оставить по себе память** артына эстелик калтыруу.

**ОСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оставить**; ◇ **оставляет желать лучшего** мындан алда канча жакшы болууга тийиш эле.

**ОСТАЛЬНО'Й**, -ая, -ое 1. калган, башкасы, бөлөгү; **взять остальные книги** калган китептерди алуу; 2. *в знач. сущ. ср.* калгандары, калганы; 3. *в знач. сущ.* **остальные** *мн.* башкалар; **нужно спросить у остальных** башкалардан суроо керек; **где остальные?** башкалар кайда?

**ОСТАНА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **остановить**.

**ОСТАНА'ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **остановиться**; **ни перед чем не останавливаться** эч нерсеге карабастан; 2. *страд. к* **останавливать**.

**ОСТА'НКИ** *только мн.* сөөк (*өлүктүн сөөгү*).

**ОСТАНОВИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*прекратить движение, ход*) токтотуу; **остановить поезд** поездди токтотуу; **остановить часы** саатты токтотуу; 2. *кого-что* (*сдержать, запретить*) токтотуу, тыюу; **остановить смельчака** кайраттуу кишини токтотуу; **остановить шалуна** тентекти тыюу; 3. *что, перен.* (*сосредоточить*): **остановить внимание** *на чём-л. бир нерсеге* көңүл буруу; **остановить взгляд** *на чём-л. бир нерсени* кароо; ◇ **остановить свой выбор** *на чём-л. бир нерсени* жактыруу, тандап *бир нерсеге* токтолуу; **остановить кровь** канды токтотуу.

**ОСТАНОВИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. токтоо, токтолуу; **остановиться на перекрёстке** жолдун кайчылашкан жеринетоктоо; **работа остановилась** иш токтоду; **остановиться на полуслове** сүйлөп жаткан сөзүн бүтпөй токтоо; 2. (*поселиться по приезде*) токтоо, түшүү; **остановиться в гостинице** гостиницага токтоо; 3. (*задержаться на чём-л.*) токтолуу; **остановиться на описании подробностей** майда-чүйдөсүнөн бери толуктап айтууга (жазууга) токтолуу.

**ОСТАНО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) токтоо, токтотуу, токтолуу; 2. (*пункт*) токтой турган жай; **трамвайная остановка** трамвай токтой турган жай; ◇ **остановка за** *чем-л. разг.* тоскоол, илинчек, кедерги; **остановка только за разрешением** уруксат алуу гана илинчек болуп турат; **остановка только за тобой** сен эле кедерги болуп турасың; **без остановки** токтоосуз.

**ОСТА'ТОК** *м.* 1. калганы, калган бөлүк, калдык; **остаток арбуза** дарбыздын калганы; **остаток жизни** калган өмүр; **остаток времени** калган убакыт; 2. **остатки** *мн.* калдык; **остатки крепостной стены** крепосттук стенанын калдыгы; **остатки старого быта** эски турмуштун калдыгы; 3. **остатки** *мн.* (*отбросы*) калдыктар, таштанды; саркыт (*пищи и питья*); **нефтяные остатки** нефть калдыктары; 4. *мат.* калдык.

**ОСТА'ТОЧНЫЙ**, -ая, -ое **остаток** 1-*ге т.*; **остаточные суммы** калдык суммалар.

**ОСТА'ТЬСЯ** *сов.* 1. калуу; **остаться для работы в деревне** кыштакта иштөө үчүн калуу; 2. (*сохраниться*) калуу, сакталып калуу; **это навсегда останется в моей памяти** бул түбөлүккө менин эсимде калат; **осталось чувство удовлетворения** канааттангандык сезими калды; 3. (*сохранить*) калуу; **остаться при прежнем мнении** өзүнүн баштагы пикиринде калуу; 4. (*оказаться*) калуу, болуп калуу; **остаться без дела** ишсиз калуу; 5. калуу; **после кройки остались большие обрезки** бычкандан кийин чоң-чоң өөндөр калды; **после неё осталось двое детей** андан эки бала калды, анын артында эки баласы калды; ◇ **ему осталось только согласиться** ага макул болуу гана калды; **остаться с носом** *или* **остаться в дураках** *разг.* акмак болуп калуу, сызга отуруп калуу; **остаться в стороне** четте калуу; **он в долгу не останется** ал да эсесин кайтарат; **остаться на второй год** экинчи жылга калуу.

**ОСТЕКЛЕНЕ'ТЬ** *сов.* жансыздай болуп калуу (*мис.көз*).

www.bizdin.kg

**ОСТЕКЛИ'ТЬ** *сов. что* айнектөө, айнек салуу; **остеклйть окно́** терезеге айнек салуу.

**ОСТЕКЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **остеклить.**

**ОСТЕОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **остеология**-*га т.*; остеологиялык.

**ОСТЕОЛО'ГИЯ** *ж.* остеология (*анатомиянын сөөктөрдүн түзүлүшүн текшерүүчү бир бөлүмү*).

**ОСТЕПЕНИ'ТЬ** *сов. кого* токтолтуу, тыюу.

**ОСТЕПЕНИ'ТЬСЯ** *сов.* токтоо болуу, оор басырык тартуу; **он с года́ми остепени́лся** ал улгайган сайын токтоо болду.

**ОСТЕПЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **остепенить.**

**ОСТЕПЕНЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **остепениться.**

**ОСТЕРВЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое аябай ачууланган, жаалданган; **остервене́лый враг** жаалданган душман.

**ОСТЕРВЕНЕ'НИЕ** *ср.* аябай ачуулануу, жаалдануу; **прийти́ в остервене́ние** аябай ачуулануу.

**ОСТЕРВЕНЕ'ТЬ** *сов.* аябай ачуусу келүү, жаалдануу.

**ОСТЕРВЕНИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **остервенеть.**

**ОСТЕРЕГА'ТЬ** *несов. см.* **остере́чь.**

**ОСТЕРЕГА'ТЬСЯ** *несов. кого-чего* сак болуу, сактануу, сактанып жүрүү, абайлоо; **остерега́ться просту́ды** суук тийүүдөн сак болуу.

**ОСТЕРЕ'ЧЬ** *сов. кого-что* абайлатуу, сак болдуруу, эскертип коюу.

**ОСТЕРЕ'ЧЬСЯ** *сов. см.* **остерега́ться.**

**ОСТИ'СТЫЙ,** -ая, -ое кылкандуу; **ости́стый ко́лос пшени́цы** буудайдын кылкандуу башы.

**О'СТОВ** *м.* тулку, негиз; **о́стов корабля́** кеменин тулкусу; **о́стов ю́рты** боз үйдүн кереге-ууктары.

**ОСТО'ЙЧИВОСТЬ** *ж. мор.* оодарылбай бир калыпта жүрө алуучулук (*мис. кеме*).

**ОСТО'ЙЧИВЫЙ,** -ая, -ое *мор.* оодарылбай бир калыпта жүрө алуучу (*мис. кеме*).

**ОСТОЛБЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* сенейген, сенейип катып калган.

**ОСТОЛБЕНЕ'НИЕ** *ср. разг.* сенейип катып калуу.

**ОСТОЛБЕНЕ'ТЬ** *сов. разг.* сенейип катып калуу, эмне кыларын билбей далдырап туруп калуу.

**ОСТОЛО'П** *м. бран.* маңбаш, маңыроо, келесоо.

**ОСТОРО'ЖНО** *нареч.* **1.** (*осмотрительно*) сактык менен, абайлап; **де́йствовать осторо́жно** сактык менен иш кылуу; **2.** (*бережно*) этияттык менен, сактык менен; **осторо́жно перевяза́ть ра́ну** жараны этияттык менен таңуу; **3.** (*сдержанно, нерешительно*) акырын, абайлап; **осторо́жно постуча́ть в дверь** эшикти акырын кагуу; **осторо́жно возрази́ть** абайлап айтуу; ◇ **осторо́жно!**(*берегись!*) абайла!, байка!, сак бол!

**ОСТОРО'ЖНОСТЬ** *ж.* **1.** (*осмотрительность*) сактык, абайлагандык; **прояви́ть осторо́жность** сактык кылуу; **2.** (*бережность*) этияттык, сактык.

**ОСТОРО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*осмотрительный*) сак, абайлагыч; **осторо́жный челове́к** сак киши; **бу́дьте осторо́жны** сак болуңуз; **2.** (*бережный*) этият, этияттуу, сак; **осторо́жное обраще́ние с механи́змом** механизмди этияттык менен урунуу; **3.** акырын, абайлаган; **осторо́жный отве́т** абайлап берилген жооп.

**ОСТОЧЕРТЕ'ТЬ** *сов. кому, прост.* жадатуу, аша кечирүү, көкөйгө тийүү.

**ОСТРАКИ'ЗМ** *м.* остракизм, айдап жиберүү, кетирүү (*Байыркы Грецияда — шаар ичинен жараксыз граждандарды добушка коюу менен айдап чыгуу*); **подве́ргнуть** *кого-л.* **остраки́зму** *бирөөнү* айдап жиберүү.

**ОСТРА'СТКА** *ж. разг.* опуза; **для остра́стки** опуза үчүн.

**ОСТРЕ'Ц** *м. бот.* острец (*отоо чөптүн бир түрү*).

**ОСТРИЁ** *ср.* **1.** уч, миз; **остриё иго́лки** ийненин учу; **остриё штыка́** штыктын учу; **остриё са́бли** кылычтын мизи; **2.** *перен.* миз; **попа́сть на остриё кри́тики** сындын мизине туура келип калуу.

**ОСТРИ'ТЬ** I *несов. что* (*заострять*) курчутуу, учтоо; **остри́ть нож** бычак курчутуу; **остри́ть меч** кылычты курчутуу.

**ОСТРИ'ТЬ** II *несов.* (*говорить остроты*) укумчул сөз айтуу, куудул сөз сүйлөө; **он всегда́ остри́т** ал ар дайым куудул сүйлөйт.

**ОСТРИ'ЦА** *ж. зоол.* чүчөк (*курт*).

**ОСТРИ'ЧЬ** *сов. кого-что:* **остри́чь во́лосы** чачты кыркуу; **остри́чь но́гти** тырмакты алуу; **остри́чь овцу́** кой кыркуу.

**ОСТРИ'ЧЬСЯ** *сов.* чач алдыруу (*кайчы менен*).

**О'СТРОВ** *м. геогр.* арал.

**ОСТРОВЕ'РХИЙ,** -ая, -ое төбөсү учтуу; **острове́рхая ба́шня** төбөсү учтуу бурана.

**ОСТРОВИТЯ'НИН** *м.* аралда туруучу киши.

**ОСТРОВИТЯ'НКА** *женск. р. к* **островитя́нин**

**ОСТРОВНО'Й,** -а́я, -о́е аралдагы, аралдык; **островно́е госуда́рство** аралдагы мамлекет; **островно́й жи́тель** аралда жашоочу адам.

**ОСТРОВО'К** *м. уменьш. от* **о́стров** аралча, кичине арал.

**ОСТРО'Г** *м. уст.* абак, түрмө.

**ОСТРОГА'** *ж.* дегээ; **бить ры́бу острого́й** балыкты дегээ менен саюу.

**ОСТРОГА'ТЬ** *сов. см.* **обстрога́ть.**

**ОСТРОГЛА'ЗЫЙ,** -ая, -ое *разг.* курч көздүү, кергүч, көрөөгөч.

**ОСТРОГУ'БЦЫ** *только мн.* ат тиш, кемпирооз (*аспаптын бир түрү*).

**ОСТРО'ЖНИК** *м. уст.* түрмөгө камалган.

**ОСТРОЗАРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое өтө жугушгуу.

**ОСТРОКОНЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое учу учтуу, шоңшогой, төбөсү учтуу, башы учтуу; **остроконе́чная ша́пка** төбөсү шоңшогой баш кийим.

**ОСТРОЛИ'СТ** *м. бот.* ийне жалбырактуу (*жайы-кышы жашыл болуп турган ийне жалбырактуу жыгач*).

**ОСТРОНО'СЫЙ,** -ая, -ое шиш тумшук; шиш мурун (*о человеке*).

**ОСТРОСЛО'В** *м. разг.* укумчул сөзчүл, куудул сөзчүл.

**ОСТРОСЛО'ВИЕ** *ср.* укумчул сөз, куудул сөз, курч сөздөр менен сүйлөө.

**ОСТРОСЛО'ВИТЬ** *несов. разг.* укумчул сөз айтуу.

**ОСТРОТА'** *ж.* **1.** курчтук; **острота́ ножа́** бычактын курчтугу; **2.** *перен.* (*восприимчивость*) курчтук; **острота́ слу́ха** кулактын курчтугу; **острота́ зре́ния** көздүн курчтугу; **острота́ ума́** акылдын курчтугу; **3.** (*напряжённость*) оордук; **острота́ положе́ния** абалдын оордугу; **4.** (*мн.* **остро́ты**) укумчул сөздөр, куудул сөздөр; **сыпать остро́тами** укумчул сөздөрдү жаадыруу; **пло́ские остро́ты** мааниси жок укумчул сөздөр; **дешёвые остро́ты** арзыбаган укумчул сөздөр; **уда́чная острота́** орундуу айтылган куудул сөздөр.

**ОСТРОУГО'ЛЬНИК** *м.* тар бурчтук.

**ОСТРОУГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тар бурчтуу; **остроуго́льный треуго́льник** тар бурчтуу үч бурчтук.

**ОСТРОУ'МИЕ** *ср.* укумчулдук; чукугандай сөз табуу.

**ОСТРОУ'МНО** *нареч.* укумчулдук менен, чукугандай сөз таап; **остроу́мно отве́тить** чукугандай сөз таап, жооп кайтаруу.

**ОСТРОУ'МНЫЙ,** -ая, -ое акылы курч, ташка тамга баскандай, укумчул, чукугандай сөз тапкан; **остроу́мный челове́к** акылы курч киши; **остроу́мное выраже́ние** чукугандай табылган сөз; **остроу́мное реше́ние вопро́са** маселени акылдуулук менен чечүү.

**О'СТРЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*отточенный*) курч, учтуу, өткүр; **о́страя бри́тва** курч устара; **о́страя игла́** учтуу ийне; **о́стрый нож** өткүр бычак; **2.** (*суживающийся*) учтуу, тар; **о́стрый нос ло́дки** кайыктын учтуу башы; **о́стрый у́гол** тар бурч; **3.** *перен.* (*проницательный*) жетик, курч; **о́стрый ум** жетик акыл; **4.** *перен.* (*о вкусе, запахе*) курч, мурунду жарган; өткүр (*тамак*); **о́стрый за́пах** мурунду жар-

www.bizdin.kg

ган жыт; **о́стрый со́ус** өткүр соус; 5. (*остроумный, язвительный*) курч, жанга тийген, чучукка тийген; **о́страя шу́тка** чучукка тийген тамаша; **у него́ о́стрый язы́к** анын тили курч; 6. *перен.* (*сильный*) какшаткан, зырылдаган; **о́страя боль** какшаткан оору; 7. *перен.* (*напряжённый*) оор, катуу; **о́строе положе́ние** оор абал; **о́страя кла́ссовая борьба́** катуу тап күрөшү.

**ОСТРЯ'К** *м. разг.* укумчул, чукугандай сөз тапкан киши.

**ОСТУДИ'ТЬ** *сов. что* суутуу.

**ОСТУЖА'ТЬ** *несов. см.* **остуди́ть.**

**ОСТУПА'ТЬСЯ** *несов. см.* **оступи́ться.**

**ОСТУПИ'ТЬСЯ** *сов.* жаза басуу, чала басуу (*мис. баскычты*).

**ОСТЫВА'ТЬ** *несов. см.* **осты́ть.**

**ОСТЫ'ТЬ** *сов.* 1. (*стать холодным*) сууш, муздак тартуу; **чай осты́л** чай сууду; 2. *перен.* көңүл кайтуу, басылуу; **гнев его́ осты́л** анын ачуусу басылды.

**О'СТЬ** *ж.* кылкан, мурут (*у злаков*); жалбырактын катуу учу (*у листьев*).

**ОСУДИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* айыптоо, жаман деп табуу, сөгүш берүү; **осуди́ть плохо́й посту́пок** жаман кылыкты айыптоо; 2. *кого, юр.* (*приговорить*) кесүү, айыптап кесүү, айыптап өкүм чыгаруу; **осуди́ть вое́нных престу́пников** согуш кылмышкерлерин айыптап өкүм чыгаруу; 3. *на что, перен.* (*обречь*) бет алуу, бет алдыруу.

**ОСУЖДА'ТЬ** *несов. см.* **осуди́ть.**

**ОСУЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*порицание*) айыптоо, жамандоо, сөгүш, сөгүш берүү; 2. *юр.* кесүү, айыптоо, айыптап кесүү, айыптап өкүм чыгаруу.

**ОСУЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. к* **осуди́ть;** 2. *в знач. сущ. м., ж. юр.* кесилген, айыпталган.

**ОСУ'НУТЬСЯ** *сов.* арыктап жүдөө, бетинин чүкөсү чыгуу, бети арыктап чүрүшүү.

**ОСУША'ТЬ** *несов. см.* **осуши́ть.**

**ОСУШЕ'НИЕ** *ср.* кургатуу; **осуше́ние боло́т** саздарды кургатуу.

**ОСУШИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **осушение**-*ге т.*; **осуши́тельные рабо́ты** кургатуу жумуштары.

**ОСУШИ'ТЬ** *сов. что* 1. кургатуу; **осуши́ть боло́то** сазды кургатуу; 2. *разг.* (*выпить*) шыпкап ичүү, калтырбай ичүү; **осуши́ть стака́н** стакандын түбүндө эчтеме калтырбай шыпкап ичүү; ◇ **осуши́ть слёзы** сооротуу; **осуши́ть глаза́** ыйлабай калуу, сооронуу.

**ОСУ'ШКА** *ж.* кургатуу.

**ОСУЩЕСТВИ'МОСТЬ** *ж.* жүзөгө чыга тургандык, иш жүзүнө ашырыла тургандык, иш жүзүнө ашырылууга мүмкүн болгондук.

**ОСУЩЕСТВИ'МЫЙ,** -ая, -ое турмушка ашырууга боло турган, жүзөгө чыга турган, иш жүзүнө ашырыла турган, иш жүзүнө ашырылууга мүмкүн болгон.

**ОСУЩЕСТВИ'ТЬ** *сов. что* турмушка ашыруу, жүзөгө ашыруу, иш жүзүнө ашыруу; **осуществи́ть свой пла́ны** өзүнүн пландарын жүзөгө ашыруу.

**ОСУЩЕСТВИ'ТЬСЯ** *сов.* турмушка ашуу, ужутка чыгуу, жүзөгө ашуу, иш жүзүнө ашырылуу; **мечта́ о счастли́вой жи́зни осуществи́лась** бактылуу турмуш тилеги ужутка чыкты.

**ОСУЩЕСТВЛЕ'НИЕ** *ср.* турмушка ашыруу, жүзөгө чыгаруу, иш жүзүнө ашыруу.

**ОСУЩЕСТВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **осуществи́ть.**

**ОСУЩЕСТВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **осуществи́ться;** 2. *страд. к.* **осуществля́ть.**

**ОСЧАСТЛИ'ВИТЬ** *сов. кого-что* бакыттуу кылуу, бирөөнү бакыттуу кылуу.

**ОСЫПА'НИЕ** *ср.* күбүлүү, күбүлүп түшүү, чубуруп түшүү.

**ОСЫ'ПАТЬ** *сов.* 1. *см.* **обсы́пать;** 2. *кого-что* (*усеять*) жайнатуу, бетине себүү, үстүнө жаба себүү; **не́бо осы́пано звёздами** асманда жылдыздар жыбырап жайнайт; **я́блоня осы́пана цвета́ми** алма жыгачынын гүлдөрү жайнап турат; ◇ **осы́пать поцелу́ями** өпкүлөп жиберүү; **осы́пать упрёками** аябай кекетүү.

**ОСЫПА'ТЬ** *несов. см.* **осы́пать.**

**ОСЫ'ПАТЬСЯ** *сов.* 1. (*опасть*) күбүлүп түшүү, чубуруп түшүү; **цветы́ осы́пались** гүлдөр күбүлүп түштү; 2. (*обвалиться*) эшилүү (*мис. кум*).

**ОСЫПА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **осы́паться;** 2. *страд. к* **осыпа́ть.**

**О'СЫПЬ** *ж. геол.* осыпь (*эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин сыныктары*).

**ОСЬ** *ж.* 1. (*колеса́*) ок (*дөңгөлөктүн огу*); **пере́дняя ось** алдыңкы ок; 2. *мат., физ.* ок (*геометриялык тело тегеренген убакта ордунда былк этпей туруучу түз сызыгы, мис. жердин огу, киндиги*); **ось враще́ния** айлануу огу.

**ОСЬМИНО'Г** *м. зоол.* сегиз бут (*узун сегиз буту бар деңиз айбаны*).

**ОСЬМУ'ШКА** *ж. разг. уст.* ашмушке (*кадактын сегизден бир бөлүгү*); **осьму́шка ча́ю** ашмушке чай.

**ОСЯЗА'ЕМОСТЬ** *ж.* сезилгичтик, сыйпаганда сезилгичтик.

**ОСЯЗА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич от* **осяза́ть;** 2. *прил.* (*заметный*) сезилердик, көзгө көрүнөрдүк, көрүнүктүү, билинердик; **осяза́емые результа́ты** көрүнүктүү натыйжалар.

**ОСЯЗА'НИЕ** *ср.* сезүү, денени сезими, туюу.

**ОСЯЗА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* сезгичтик.

**ОСЯЗА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. **осязание**-*ге т.*; сезүүчү, сезе турган; **осяза́тельный о́рган** сезүү органы; 2. *перен.* (*значительный*) көзгө көрүнөрдүк, жарытардык, көрүнүктүү; **лече́ние дало́ осяза́тельные результа́ты** дарылоо көрүнүктүү натыйжаларды берди.

**ОСЯЗА'ТЬ** *несов. кого-что* сезүү (*кол, дене менен*).

**ОТ (ОТО)** *предлог с род. п.* 1. (*при указании на исходный, отправной пункт*) -дан; **от нача́ла до конца́** башынан аягына чейин; **от го́рода до ста́нции** шаардан станцияга чейин; **в десяти́ киломе́трах от го́рода** шаардан он километр алыстыкта; **от Москвы́ до Ленингра́да** Москвадан Ленинградга чейин; 2. (*при указании целого, от которого берётся часть*) -дан; **отре́зать ломо́ть от хле́ба** нандан бир сындырым кесип алуу; **от пальто́ оторвала́сь пу́говица** пальтонун топчусу үзүлүп калды; 3. (*при устранении, прекращении чего-л.*) -дан; **изба́виться от опа́сности** коркунучтан кутулуу; **устрани́ться от уча́стия** катышуудан четтөө; 4. (*указывает на причину, основание чего-л.*) -дан; **дрожа́ть от стра́ха** коркконунан калтыроо; **от не́чего де́лать** кылар иш болбогондуктан; 5. (*указывает на противопоставление*) -дан; **отлича́ть добро́ от зла́** жакшылыкты жамандыктан ажырата билүү; 6. (*указывает на временну́ю последовательность*) -дан, менен; **год о́т году** жылдан жылга; **день ото дня́** күндөн күнгө; **вре́мя от вре́мени** мезгил-мезгили менен; ◇ **написа́ть от руки́** кол менен жазуу; **от всей души́** жан-дили менен.

**ОТ- (ОТО-, ОТЪ-)** *приставка* 1) *кандайдыр бир аракеттин бүткөндүгүн, токтолгондугун, аткарылып болгондугун көрсөтөт; мис.*: **отрабо́тать** эмгек менен актоо, төлөө (*мис. алган акчаны*); **отзвуча́ть** жаңырып басылуу, айтылып бүтүү; 2) *бир нерсенин бөлүнүшү, бир жакка кеткен кыймыл, мис.*: **откле́ить** желимин ажыратуу; **отъе́хать** кандайдыр бир пункттан жөнөп кетүү; 3) *«ся» менен аякталган этиштерде — бир нерседен качуу, алыстоо максаты менен аракет кылгандыкты көрсөтөт; мис.*: **отговори́ться** жок шылтоо табуу.

**ОТА'ВА** *ж.* алысын (*чабылган чөптүн ордуна чыккан жаш чөп*).

**ОТА'ВНЫЙ,** -ая, -ое **отава**-*га т.*; **ота́вные корма́** алысын тоюттар.

**ОТА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **отопи́ть.**

www.bizdin.kg

**ОТА'РА** *ж.* короо кой; **колхо́зные ота́ры** колхоздун короо-короо койлору.

**ОТБА'ВИТЬ** *сов. что, чего* бөксөртүү, бөлүп алып таштоо, кемитүү, кемитип алып таштоо; **отба́вить молока́** сүттү бөксөртүү, сүттү кемитүү.

**ОТБА'ВКА** *ж.* бөксөртүү, бөлүп алып таштоо, кемитүү, кемитип алып таштоо.

**ОТБАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **отба́вить;** ◇ **хоть отбавля́й** *разг.* толуп жатат, быкып жатат.

**ОТБЕГА'ТЬ** *несов. см.* **отбежа́ть.**

**ОТБЕЖА'ТЬ** *сов.* жүгүрүп алыстоо, качуу, чуркап алыстоо; **отбежа́ть в сто́рону** бир жакка чуркап качуу.

**ОТБЕ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **отбели́ть.**

**ОТБЕЛИ'ТЬ** *сов. что* агартуу, акка боёо; **отбели́ть холст** боз кендирди агартуу.

**ОТБЕ'ЛКА** *ж.* агартуу, акка боёо; **отбе́лка холста́** боз кендирди агартуу.

**ОТБЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **отбе́льный цех** агартуу цехи.

**ОТБИВА'ТЬ** *несов. см.* **отби́ть; отбива́ть такт** тактыны бөлүп белгилөө, такт менен уруу.

**ОТБИВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отби́ться; 2.** *страд. к* **отбива́ть.**

**ОТБИ'ВКА** *ж.* чыңоо; **отби́вка косы́** чалгыны чыңоо.

**ОТБИВНО'Й,** -а́я, -о́е отбивной (*урул жумшартылган этпен жасалган тамак*); **отбивна́я котле́та** *или* **отбивна́я** отбивной котлета.

**ОТБИРА'ТЬ** *несов. см.* **отобра́ть.**

**ОТБИ'ТИЕ** *ср.* кайта уруу, кайта согуу, кайта кайтаруу; **отби́тие ата́ки** чабуулдун мизин кайтаруу.

**ОТБИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*отразить*) кайта уруу, кайта согуу, кайта кайтаруу; **отби́ть мяч руко́й** топту кол менен кайта уруу; **отби́ть ата́ку** чабуулду кайтаруу; **2.** *кого-что* (*отнять с боем*) урушуп тартып алуу, согушуп тартып алуу; **отби́ть го́род** шаарды урушуп тартып алуу; **отби́ть плённых** туткундарды урушуп бошотуп алуу; **3.** *что* (*отломить, отколотить*) уруп сындыруу, уруп кетүү, уратуу; **отби́ть ру́чку у ча́шки** чашканын сабын уруп сындыруу; **4.** *что, перен.* (*удалить, отнять*) кетирүү, жоготуу, жоюу, кайтаруу, жок кылуу; **отби́ть за́пах** жыт кетирүү, **отби́ть неприя́тный вкус** жаман даамды жоготуу; **отби́ть охо́ту** *к чему-л.* *бир нерсеге* болгон көңүлдү кайтаруу; **5.** *что* чыңоо; **отби́ть косу́** чалгы чыңоо; **6.** *что* (*напр. такт*) уруп белгилөө.

**ОТБИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*отразить нападение*) кайта сокку берип коргонуу; **отби́ться от врага́** кайта сокку берип душмандан коргонуу; **2.** (*отстать от своих*) адашып кетүү, адашуу; **конь отби́лся от табуна́** ат үйүрүнөн адашты; **3.** (*отломаться*) сынуу, кетилүү; **но́сик ча́йника отби́лся** чайнектин чоргосу сынды; ◇ **отби́ться от рук** *разг.* такыр тил албай өз билгенин кылуу (*мис. бала*).

**ОТБЛАГОДАРИ'ТЬ** *сов. кого-что* кылган жакшылыкка алкыш айтуу, эсесин кайтаруу; **отблагодари́ть за по́мощь** берген жардамы үчүн алкыш айтуу (эсесин кайтаруу).

**О'ТБЛЕСК** *м.* бир нерсенин бетине тийген жарык, шоола; **о́тблески пла́мени** жалындын жарыгы.

**ОТБО'Й** *м.* **1.** *воен.* (*сигнал*) отбой (*бир аракеттин бүтүшүнө берилүүчү белги*); **отбо́й возду́шной трево́ги** аба тревогасына берилген отбой; **бить отбо́й** 1) *воен.* отбой уруу, согуш аракетин токтотуу; 2) *перен.* тануу, сөзүнөн кайтуу; **2.** (*у телефона*) отбой (*телефондо сүйлөшүү бүткөн соң берилүүчү коңгуроо*); ◇ **отбо́я нет** *от кого-л.* такыр кутулбайсың, жанды тындырбайт (*мис. конок*).

**ОТБО'ЙКА** *ж. горн.* уруп сындыруу, уруп кетүү, уратуу; **механи́ческая отбо́йка ка́менного у́гля́** таш көмүрдү механикалык жол менен уруп сындыруу (уратуу).

**ОТБО'ЙНЫЙ,** -ая, -ое *горн.* уруп түшүрмө, уратма; **шахтёрский отбо́йный молото́к** шахтёрдун уруп түшүрмө балкасы.

**ОТБО'Р** *м.* **1.** (*действие*) тандап алуу, ылгап алуу; **2.** *биол.* тандалуу, тандалып жашоого ылайыкталуу; **есте́ственный отбо́р** табигый жол менен тандалуу.

**ОТБО'РНЫЙ,** -ая, -ое тандамал, тандалып алынган, ылгап тандалган; **отбо́рные семена́** тандамал үрөөндөр; **отбо́рные во́йска́** тандамал аскерлер; ◇ **отбо́рная ру́гань** барып турган жаман тилдөө.

**ОТБО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое тандап алуучу; **отбо́рочная коми́ссия** тандап алуучу комиссия.

**ОТБОЯ'РИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отбоя́риться.**

**ОТБОЯ'РИТЬСЯ** *сов. разг.* шылтоо табуу; ал эле, бул эле деп шылтоо таап кутулуу; **отбоя́риться от приглаше́ния** чакырган жерге барбоо үчүн шылтоо табуу.

**ОТБРА'СЫВАТЬ** *несов. см.* **отбро́сить.**

**ОТБРИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* катуу орой жооп кайтаруу.

**ОТБРО'СИТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*в сторону*) ыргытуу, четке ыргытуу, четке ыргытып таштоо; **отбро́сить ка́мни в сто́рону** таштарды четке ыргытып таштоо; **2.** *воен.* сүрүп барып таштоо, кууп барып таштоо; **отбро́сить проти́вника** душманды сүрүп барып таштоо; **3.** *что, перен.* (*отвергнуть*) жокко чыгаруу, коюу, жаратпай салуу, керексиз деп табуу; **отбро́сить сомне́ния** күмөн саноону коюу; ◇ **де́рево отбро́сило дли́нную тень** жыгач узун көлөкө түшүрдү.

**ОТБРО'СЫ** *чаще мн.* (*ед.* **отбро́с** *м.*) таштандылар; **я́ма для отбро́сов** таштандылар ташталуучу чуңкур.

**ОТБУКСИ'РОВАТЬ** *сов. что* буксирге алып сүйрөө (баруу); **отбукси́ровать ка́тер в бу́хту** катерди буксирге алып сүйрөп бухтага алып баруу.

**ОТБУШЕВА'ТЬ** *сов. разг.* токтолуу, басылуу (*мис. бороон, катуу шамал*).

**ОТБЫВА'НИЕ** *ср.* срогу бүтүү (*мис. жазанын*).

**ОТБЫВА'ТЬ** *несов. см.* **отбы́ть.**

**ОТБЫ'ТИЕ** *ср.* **1.** (*отъезд*) жолго чыгуу, жөнөп кетүү, сапар тартуу; **2.** срогу бүтүү; **отбы́тие наказа́ния** жаза тартуунун срогу бүтүү.

**ОТБЫ'ТЬ** *сов.* **1.** (*уехать*) жолго чыгуу, жөнөп кетүү, сапар тартуу; **отбы́ть к ме́сту назначе́ния** кызматка дайындалган жерине жөнөп кетүү; **2.** *что* кутулуу; **отбы́ть срок наказа́ния** жаза тартуунун срогу бүтүү.

**ОТВА'ГА** *ж.* эрдик, кайрат, баатырдык; **награди́ть за отва́гу** эрдик үчүн сыйлоо.

**ОТВА'ДИТЬ** *сов. кого от чего, разг.* койдуруу, тыюу салуу; **отва́дить от куре́ния** тамеки тартууну койдуруу.

**ОТВА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **отва́дить.**

**ОТВА'ЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отва́житься.**

**ОТВА'ЖИТЬСЯ** *сов. с неопр.* эрдик кылуу, эрдиги кармоо, кайрат көрсөтүү, батынуу; **я не отва́жился с ним спо́рить** аны менен айтышууга мен батына албадым.

**ОТВА'ЖНО** *нареч.* эрдик менен, эрдик кылып, кайраттуулук менен, кайраттуулук кылып, баатырдык кылып, баатырдык менен.

**ОТВА'ЖНОСТЬ** *ж.* эрдик, кайраттуулук, баатырдык.

**ОТВА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое эр, кайраттуу, баатыр; **отва́жный морепла́ватель** кайраттуу деңиз саякатчысы; **отва́жный поля́рник** баатыр полярник.

**ОТВА'Л** I *м.* **1.** (*действие*) таштоо, оодарып (алып) таштоо, бир четке чыгарып таштоо; **2.** *с.-х.* (*в плуге*) соконун чымды аңтаргыч бөлүгү; **3.** *горн.* кендин иштетүүгө жараксыз катмары; ◇ **до отва́ла** *разг.* аябай тойгончо, абдан тойгуча, бөйрөк чыга; **нае́сться до отва́ла** бөйрөк аябай чыга тоюу, абдан тойгуча жеш.

**ОТВА'Л** II *м. мор.* жөнөп кетүү, жүрүп кетүү, жолго чыгуу (*кеме*).

**ОТВА'ЛИВАТЬ** I *несов. см.* **отвали́ть** I.

**ОТВА'ЛИВАТЬ** II *несов. см.* **отвали́ть** II.

**ОТВА'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отвали́ться; 2.** *страд. к* **отва́ливать** I.

**ОТВАЛИ'ТЬ** I *сов. что* **1.** (*сдвинуть в сторону*) таштоо, оодарып (алып) таштоо, бир четке чыгарып таштоо (*ооп*

www.bizdin.kg

*нерсени*); **отвали́ть ка́мень с доро́ги** ташты жолдон алып таштоо; **2.** *кому, разг.* (*дать щедро*) марттык кылып берүү; **отвали́ть сто рубле́й** марттык кылып жүз сом берүү.

**ОТВАЛИ́ТЬ II** *сов. мор.* (*отчалить*) жөнөп кетүү, жүрүп кетүү, жолго чыгуу (*кеме*); **парохо́д отвали́л от при́стани** пароход пристандан жөнөп кетти.

**ОТВАЛИ́ТЬСЯ** *сов.* коңторулуп түшүү, сыйрылып түшүү; **у́гол карни́за отвали́лся** карниздин бурчу коңторулуп түштү.

**ОТВА́ЛКА** *ж.* таштоо, оодарып (алып) таштоо, бир четке чыгарып таштоо.

**ОТВА́Р** *м.* маңыз; **мясно́й отва́р** эттин маңызы (*эттин ынак сорпосу*); **ри́совый отва́р** күрүчтүн кайнатылган маңызы.

**ОТВА́РИВАТЬ** *несов. см.* **отвари́ть.**

**ОТВА́РИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отвари́ться;** **2.** *страд. к* **отва́ривать.**

**ОТВАРИ́ТЬ** *сов. что* кайнатып бышыруу.

**ОТВАРИ́ТЬСЯ** *сов.* кайнап бышуу; **о́вощи отвари́лись** жашылча кайнап бышты.

**ОТВАРНО́Й,** -а́я, -о́е кайнаган, кайнатылган, кайнатып бышырылган; **отварно́е мя́со** кайнатып бышырылган эт; **отварна́я вода́** кайнаган суу, кайнатылган суу.

**ОТВЕ́ДАТЬ** *сов. что, чего, уст.* **1.** жеп даамын татуу, даамын көрүү; **отве́дать ды́ни** коонду жеп даамын көрүү; **2.** *перен.* (*испытать*) баштан өткөрүү.

**ОТВЕДЕ́НИЕ** *ср.* **1.** буруп кетүү, кайтаруу (*мис. сууну*); **2.** берүү бөлүп берүү (*мис. жерди*).

**ОТВЕЗТИ́** *сов. кого-что* **1.** жеткирүү, алып барып жеткирүү (*ат, араба, машина ж. б. менен*); **отвезти́ пи́сьма на по́чту** катты почтага жеткирүү; **2.** (*увезти в сторону*) чыгарып таштоо, башка жакка алып барып таштоо; **отвезти́ ка́мни в сто́рону от доро́ги** таштарды жолдун бир четине чыгарып таштоо.

**ОТВЕРГА́ТЬ** *несов. см.* **отве́ргнуть.**

**ОТВЕ́РГНУТЬ** *сов. кого-что* макул таппоо, жаратпай коюу, кабыл албоо, кабыл албай коюу; **отве́ргнуть прое́кт** долбоорду жаратпай коюу; **отве́ргнуть предложе́ние** сунушту кабыл албай коюу.

**ОТВЕРДЕВА́ТЬ** *несов.* черге (чорго, берчке) айлануу, катуу болуу.

**ОТВЕРДЕ́ЛОСТЬ** *ж.* черге (чорго, берчке) айлангандык, берчке айланган жер, катып калгандык, катып калган жер.

**ОТВЕРДЕ́ЛЫЙ,** -ая, -ое черге (чорго, берчке) айланган, катууга айланган; **отверде́лая о́пухоль** берчке айланган шишик.

**ОТВЕРДЕ́НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) черге (чорго, берчке) айлануу, берч болуу, катып калуу; **2.** (*отверделость*) черге (чорго, берчке) айлангандык, берчке айланган жер, катып калгандык, катып калган жер; **небольшо́е отверде́ние** кичинекей берчке айланган жер.

**ОТВЕРДЕ́ТЬ** *сов.* черге (чорго, берчке) айлануу, катып калуу; **о́пухоль отверде́ла** шишик катуу берч болуп калды.

**ОТВЕ́РЖЕННЫЙ,** -ая, -ое куулган, четке кагылган, катардан чыккан.

**ОТВЕРНУ́ТЬ** *сов. что* **1.** (*повернуть в сторону*) башка жакка буруу; **отверну́ть лицо́** бетти башка жакка буруу; **2.** (*отогнуть*) кайруу; **отверну́ть полу́ пальто́** пальтонун этегин кайруу; **3.** (*открыть*) бурап ачуу; **отверну́ть кран** кранды бурап ачуу; **4.** (*отвинтить*) бурап чыгаруу; **отверну́ть га́йку** гайканы бурап чыгаруу.

**ОТВЕРНУ́ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*повернуться в сторону*) бурулуп башка жакка кароо; **отверну́ться от собесе́дника** аңгемелешип отурган кишиден бурулуп башка жакка кароо; **2.** (*отогнуться*) кайрылуу; **край одея́ла отверну́лся** жууркандын чети кайрылды; **3.** (*открыться*) буралып ачылуу; **кран отверну́лся** кран буралып ачылды; **4.** (*отвинтиться*) буралып чыгуу, буралып чыгарылуу; **га́йка отверну́лась** гайка буралып чыкты.

**ОТВЕ́РСТИЕ** *ср.* тешик; **отве́рстие в полу́** полдогу тешик; **заде́лать отве́рстие в стене́** стенадагы тешикти бүтөө.

**ОТВЕРТЕ́ТЬ** *сов. разг. см.* **отверну́ть** 4.

**ОТВЕРТЕ́ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*отвинтиться*) буралып чыгып кетүү; **2.** *от чего, перен.* (*отделаться*) буйтактап (тайсалдап) кутулуу; **отверте́ться от неприя́тного поруче́ния** жагымсыз тапшырмадан буйтактап кутулуу.

**ОТВЁРТКА** *ж.* отвёртка (*бурамаларды ачуучу же бекитүүчү аспап*).

**ОТВЁРТЫВАТЬ** *несов. см.* **отверну́ть.**

**ОТВЁРТЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отверну́ться, отверте́ться;** **2.** *страд. к* **отвёртывать.**

**ОТВЕ́С** *м.* **1.** *тех.* отвес (*тиктикти белгилөөчү, жипке асма салмоор; муну көбүнчө курулушчулар колдонот*); **2.** (*вертикальный склон*) тик ылдый.

**ОТВЕ́СИТЬ** *сов. что* таразага тартуу; **отве́сить килогра́мм ма́сла** таразага бир килограмм май тартуу; ◇ **отве́сить покло́н** жүгүнүп ызат кылуу, жүгүнүп амандашуу.

**ОТВЕ́СНО** *нареч.* тик ылдый.

**ОТВЕ́СНЫЙ,** -ая, -ое тик; **отве́сная скала́** тик аска.

**ОТВЕСТИ́** *сов.* **1.** *кого-что* (*доставить куда-л.*) алып баруу, алып барып коюу, ээрчитип барып коюу; **отвести́ дете́й в де́тский сад** балдарды балдар бакчасына ээрчитип барып коюу; **отвести́ больно́го к врачу́** оору кишини врачка алып барып коюу; **2.** *кого-что* (*в сторону*) жетелеп кетүү, ээрчитип алып кетүү (баруу); **отвести́ собесе́дника к окну́** аңгемелешип жаткан кишини ээрчитип терезеге алып баруу; **3.** *что* (*изменить направление*) буруп кетүү, кайтаруу; **отвести́ реку́** сууну буруп кетүү; **отвести́ уда́р** соккуну кайтаруу; **4.** *кого-что, перен.* (*отклонить*) жокко чыгаруу, чыгарып салуу, каршы чыгуу, алып таштоо; **отвести́ обвине́ние** айыпты жокко чыгаруу; **отвести́** *чью-л.* **кандидату́ру** *бирөөнүн* кандидатурасын алып таштоо; **5.** *что* (*отдать в пользование*) берүү, бөлүп берүү, пайдаланууга берүү; **отвести́ уча́сток под о́пытную ста́нцию** тажрыйба станциясына участок бөлүп берүү; **отвести́ гря́дки под огурцы́** бадыраң тигүү үчүн жөөк бөлүп берүү; ◇ **отвести́ ду́шу** *разг.* чер жазылуу, жыргап калуу; **отвести́ глаза́** *кому-л.* алаксытуу, көңүлдү башка жакка буруп жиберүү, будамайлоо; **я не мог глаз отвести́** мен көзүмдү алалбадым, карап тойбодум.

**ОТВЕ́Т** *м.* **1.** жооп; **получи́ть отве́т на письмо́** катка жооп алуу; **дать отве́т** жооп кайтаруу; **2.** *мат.* жооп, чыгышы (*маселенин чыгарындысы*); **3.** *уст.* (*ответственность*) жоопкерчилик; **призва́ть к отве́ту** жоопко тартуу, жоопкерчиликке чакыруу.

**ОТВЕТВИ́ТЬ** *сов. что* тармак чыгаруу; **ответви́ть ары́к** арыктан тармак чыгаруу.

**ОТВЕТВИ́ТЬСЯ** *сов.* бутактоо, бутактануу, бутак жаюу.

**ОТВЕТВЛЕ́НИЕ** *ср.* **1.** (*отросток*) бутак; **2.** (*боковая линия*) тармак, айрык; **ответвле́ние желе́зной доро́ги** темир жол тармагы; **ответвле́ние кана́ла** каналдын тармагы; **3.** *перен.* (*от чего-л. основного*) тармак; **диале́кты и жарго́ны — ответвле́ния от общенаро́дного языка́** диалектилер менен жаргондор — жалпы элдик тилдин тармактары.

**ОТВЕТВЛЯ́ТЬ** *несов. см.* **ответви́ть.**

**ОТВЕТВЛЯ́ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **ответви́ться;** **2.** *страд. к* **ответвля́ть.**

**ОТВЕ́ТИТЬ** *сов.* **1.** жооп берүү, жооп кайтаруу; **отве́тить на вопро́с** суроого жооп берүү; **2.** *за что* жооп берүү, жооптуу болуу, жазасын тартуу; **отве́тить за свой посту́пок** өзүнүн кылган иши үчүн жооптуу болуу; **отве́тить голово́й** башы менен жооп берүү; ◇ **отве́тить уро́к** сабакты мугалимге айтып берүү (*окуучу*).

**ОТВЕ́ТНЫЙ,** -ая, -ое жооп иретиндеги; **отве́тное письмо́** жооп иретиндеги кат; **отве́тный покло́н** жооп иретиндеги салам; **отве́тное приглаше́ние** жооп иретиндеги чакыруу.

www.bizdin.kg

**ОТВЕ'ТСТВЕННОСТЬ** *ж.* 1. жоопкерчилик, жооптулук; **привле́чь** *кого-л.* **к отве́тственности** *бирөөнү* жоопко тартуу; **возложи́ть** *на кого-л.* **отве́тственность** *бирөөгө* жоопкерчиликти жүктөө; **под ва́шу отве́тственность** сиздин жоопкерчилигиңиз астында; **взять на себя́ отве́тственность** жоопкерчилигин өзүнө алуу; **снять с себя́ отве́тственность** жоопкерчиликти өзүнөн алып таштоо; 2. (*серьёзность*) жооптуулук, олуттуулук, маанилүүлүк; **отве́тственность моме́нта** учурдун жооптуулугу.

**ОТВЕ'ТСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. жооптуу; **отве́тственный рабо́тник** жооптуу кызматкер; **отве́тственный дежу́рный** жооптуу дежурный; **отве́тственный представи́тель** жооптуу өкүл; 2. (*важный, серьёзный*) жооптуу, олуттуу, маанилүү; **отве́тственный пери́од** жооптуу мезгил.

**ОТВЕ'ТЧИК** *м.* 1. *юр.* жоопкер, жооптуу; 2. *разг.* жооптуу, жоопкер, жооп берүүчү.

**ОТВЕ'ТЧИЦА** *женск. р. к* **отве́тчик.**

**ОТВЕЧА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **отве́тить;** 2. *за что* (*быть ответственным*) жооп берүү, жооптуу болуу; **отвеча́ть за пору́ченное де́ло** тапшырылган иш үчүн жооп берүү; 3. *чему* (*соответствовать*) -а ылайык болуу (келүү), туура келүү, жооп берип туруу; **ру́копись отвеча́ет тре́бованиям изда́тельства** кол жазма басманын талаптарына ылайык келет; **диссерта́ция отвеча́ла нау́чным тре́бованиям** диссертация илимий талаптарга жооп берип турду.

**ОТВЕ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **отве́сить.**

**ОТВИ'ЛИВАТЬ** *несов.* качып тайсалдоо, качып бултактоо, буйтактатуу; **отви́ливать от отве́та** жооп берүүдөн качып тайсалдоо.

**ОТВИЛЬНУ'ТЬ** *сов. см.* **отви́ливать.**

**ОТВИНТИ'ТЬ** *сов. что* бурап чыгаруу; **отвинти́ть га́йку** гайканы бурап чыгаруу.

**ОТВИНТИ'ТЬСЯ** *сов.* буралып чыгуу; **га́йка отвинти́лась** гайка буралып чыкты.

**ОТВИ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **отвинти́ть.**

**ОТВИ'НЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отвинти́ться;** 2. *страд. к* **отви́нчивать.**

**ОТВИСА'ТЬ** *несов. см.* **отви́снуть.**

**ОТВИ'СЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* шалпайып турган, саландап турган; **отви́слые усы́** саландап турган мурут.

**ОТВИ'СНУТЬ** *сов.* шалбырап калуу, саландап калуу; **щёки отви́сли** бети шалбырап калды.

**ОТВЛЕКА'ТЬ** *несов. см.* **отвле́чь.**

**ОТВЛЕКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отвле́чься;** 2. *страд. к* **отвлека́ть.**

**ОТВЛЕЧЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) алагды кылуу, башкага буруу, алаксытуу; **для отвлече́ния внима́ния** көңүлдү алагды кылуу үчүн; 2. *филос.* абстракция.

**ОТВЛЕЧЁННО** *нареч.* абстрактуу; **рассужда́ть отвлечённо** абстрактуу ойлоо.

**ОТВЛЕЧЁННОСТЬ** *ж.* 1. абстракттуулук; **отвлечённость рассужде́ний** оюнун абстракттуулугу; 2. абстракттуулук; **говори́ть без отвлечённости** абстрактуулугу жок кылып сүйлөө.

**ОТВЛЕЧЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **отвле́чь;** 2. *прил.* абстракттуу, конкреттүү эмес; **отвлечённое поня́тие** абстракттуу түшүнүк; **отвлечённые разгово́ры** конкреттүү эмес сүйлөшүү; ◇ **отвлечённое существи́тельное** *грам.* абстракттуу зат атооч; **отвлечённое число́** *мат.* атсыз сан.

**ОТВЛЕ'ЧЬ** *сов.* 1. *кого-что* алагды кылуу, башкага буруу, алаксытуу; **отвле́чь** *чьё-л.* **внима́ние** *бирөөнүн* көңүлүн алагды кылуу; 2. *что, филос.* абстракттуу түрдө элестетүү, абстракттуу түшүнүү.

**ОТВЛЕ'ЧЬСЯ** *сов.* 1. башкага алагды болуу, башкага бурулуу; **отвле́чься от заня́тий** кызматтан башкага алагды болуу; 2. *филос.* абстракттуу түрдө элестетүү, абстракттуу түшүнүү.

**ОТВО'Д** *м.* 1. (*действие*) буруп кетүү, кайруу, берүү, бөлүп берүү; **отво́д реки́** сууну буруп кетүү; **отво́д земе́ль** жер бөлүп берүү; 2. (*протест против чего-л.*) жокко чыгаруу, чыгарып салуу, каршы чыгуу, алып таштоо; **дать** *кому-л.* **отво́д** *бирөөгө* каршы чыгуу; 3. *тех.* (*боковая линия чего-л.*) бутак, тармак (*мис. трубанын, кабелдин*); ◇ **для отво́да глаз** *разг.* көз жазгыруу үчүн, алдоо үчүн

**ОТВОДИ'ТЬ** *несов. см.* **отвести́.**

**ОТВО'ДНЫЙ,** -ая, -ое буруп кетме, буруп кетүүчү; **отво́дный ороси́тельный кана́л** буруп кетүүчү сугат каналы.

**ОТВО'ДОК** *м.* көчөт (*бутактан же тамырдан өстүрүлгөн өсүмдүк*).

**ОТВОЕВА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*вернуть*) согушуп жатып бошотуп алуу; **отвоева́ть свою́ зе́млю у врага́** өзүнүн жерин душмандан согушуп жатып бошотуп алуу; 2. *разг.* (*кончить воевать*) согушуп бүтүү, урушуп бүтүү.

**ОТВОЕВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* согушуп бүтүү, урушуп бүтүү.

**ОТВОЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **отвоева́ть** 1.

**ОТВО'З** *м.* алып барып жеткирүү.

**ОТВОЗИ'ТЬ** *несов. см.* **отвезти́.**

**ОТВОРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **отвороти́ть.**

**ОТВОРА'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отвороти́ться;** 2. *страд. к* **отвора́чивать.**

**ОТВОРИ'ТЬ** *сов. что* ачуу; **отвори́ть окно́** терезени ачуу.

**ОТВОРИ'ТЬСЯ** *сов.* ачылуу; **дверь отвори́лась** эшик ачылды.

**ОТВОРО'Т** *м.* кайруу; **блу́зка с широ́кими отворо́тами** кайруусу жазы блузка.

**ОТВОРОТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* 1. оодарып (алып) таштоо; **отвороти́ть ка́мень** ташты оодарып (алып) таштоо; 2. (*повернуть*) башка жакка буруу; 3. (*отогнуть*) кайруу.

**ОТВОРОТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. бурулуп кароо; 2. (*отогнуться*) кайрылуу.

**ОТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **отвори́ть.**

**ОТВОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отвори́ться;** 2. *страд. к* **отворя́ть.**

**ОТВРАТИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* өтө жаман, эң жаман; **отврати́тельно себя́ чу́вствовать** өзүн өтө жаман сезүү.

**ОТВРАТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жийиркенердик, жийиркенте турган, жийиркентердик, өтө жаман, эң жаман; **отврати́тельная вне́шность** түрү суук, кебетеси жаман; **отврати́тельный за́пах** эң жаман жыт; **отврати́тельная пого́да** өтө жаман аба ырайы; **отврати́тельный хара́ктер** эң эле жаман мүнөз.

**ОТВРАТИ'ТЬ** *сов. что* тоскоолдук кылуу, болдурбай салуу, алдын алуу; **отврати́ть несча́стье** кырсыкты болдурбай салуу.

**ОТВРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *разг. см.* **отврати́тельный.**

**ОТВРАЩА'ТЬ** *несов. см.* **отврати́ть.**

**ОТВРАЩЕ'НИЕ** *ср.* жийиркенүү, эң жаман көрүү; **чу́вство отвраще́ния** жийиркенүү сезими; **пита́ть (испы́тывать) отвраще́ние** *к кому-л.* *бирөөнү* эң жаман көрүү; **с отвраще́нием** жийиркенип, эң жаман көрүп.

**ОТВЫКА'ТЬ** *несов. см.* **отвы́кнуть.**

**ОТВЫ'КНУТЬ** *сов. от кого-чего и с неопр.* мурунку адатын унутуу, унутуп калуу, адатын таштоо, чоочун болуп калуу, жат болуп калуу, жатыркап калуу; **отвы́кнуть от куре́ния** тамеки тартуу адатын таштоо; **отвы́кнуть от до́ма** үйдөн жат болуп калуу; **отвы́кнуть от ста́рых знако́мых** эски тааныштарынан жатыркап калуу.

**ОТВЯЗА'ТЬ** *сов. кого-что* чечүү, чечип бошотуу; **отвяза́ть соба́ку** итти чечип бошотуу; **отвяза́ть верёвку** жипти чечүү.

**ОТВЯЗА'ТЬСЯ** *сов.* 1. чечилүү; **верёвка отвяза́лась** аркан чечилди; 2. *от кого-чего, перен. разг.* жабышпоо, асылбоо; **отвяжи́сь от меня́** мага асылбачы, мага жабышпачы.

www.bizdin.kg

**ОТВЯ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **отвязáть.**

**ОТВЯ'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отвязáться; 2.** *страд. к* **отвя́зывать.**

**ОТГАДА'ТЬ** *сов. что* жандырмагын табуу, ойлоп табуу, билүү; **отгадáть загáдку** табышмактын жандырмагын табуу; **отгадáть** *чьи-л.* **намéрения** *бирөөнүн* оюн билүү.

**ОТГА'ДКА** *ж.* жандырмак, табышмактын жандырмагы; **найти́ отгáдку** жандырмагын табуу.

**ОТГА'ДЧИК** *м.* табышмакты табуучу.

**ОТГА'ДЧИЦА** *женск. р. к* **отгáдчик.**

**ОТГА'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **отгадáть.**

**ОТГИБА'ТЬ** *несов. см.* **отогну́ть.**

**ОТГИБА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отогну́ться; 2.** *страд. к* **отгибáть.**

**ОТГЛАГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *грам.* этиштен жасалган, этиштен пайда болгон (*мис. барган, кесме, тешик ж. б.*); **отглагóльное существи́тельное** этиштен жасалган зат атооч; **отглагóльное прилагáтельное** этиштен жасалган сын атооч.

**ОТГЛА'ДИТЬ** *сов.* **1.** *что* үтүктөө, үтүктөп таптоо, үтүктөп жаткыруу; **отглáдить швы** үтүктөп тигишти жаткыруу; **2.** (*кончить гладить*) үтүктөп бүтүү.

**ОТГЛА'ДИТЬСЯ** *сов.* үтүктөлүү; **плáтье хорошó отглáдилось** көйнөк жакшы үтүктөлдү.

**ОТГЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **отглáдить.**

**ОТГЛА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отглáдиться; 2.** *страд. к* **отглáживать.**

**ОТГНИВА'ТЬ** *несов. см.* **отгни́ть.**

**ОТГНИ'ТЬ** *сов.* чирип түшүү.

**ОТГОВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **отговори́ть.**

**ОТГОВА'РИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отговори́ться.**

**ОТГОВОРИ'ТЬ** *сов. кого от чего и с неопр.* айнытуу, айнытып коюу; **отговори́ть** *кого-л.* **от поéздки** *бирөөнү* бир жакка баруудан айнытып коюу; **отговори́ть выступáть** чыгып сүйлөөдөн айнытуу.

**ОТГОВОРИ'ТЬСЯ** *сов. чем* жок шылтоо табуу; **отговори́ться нездорóвьем** ооруп турам деп шылтоо табуу.

**ОТГОВО'РКА** *ж.* жок себеп, шылтоо, курулай шылтоо, жок шылтоо, тайсалдаган сөз; **без отговóрок** курулай шылтоосуз; **пустáя отговóрка** жок шылтоо.

**ОТГОЛО'СОК** *м.* **1.** (*отзвук*) жаңырык; **отголóски кри́ка** кыйкырыктын жаңырыгы; **2.** *перен.* из, серпинди (*бир көрүнүш, же окуянын изи, серпиндиси*).

**ОТГО'Н** *м.* **1.** *см.* **отгóнка; 2.** (*скота*) жайыт, талаа (*мис. малдын*).

**ОТГО'НКА** *ж. тех.* тартып (кайнатып) чыгаруу (*химиялык жол менен*); **отгóнка скипидáра** скипидарды тартуу.

**ОТГО'ННЫЙ,** -ая, -ое: **отгóнное животновóдство** алыскы жайыттарда мал багуучулук; **отгóнные пáстбища** алыскы жайыттар (*мис. жайлоо*).

**ОТГОНЯ'ТЬ** I *несов. см.* **отогнáть** I.

**ОТГОНЯ'ТЬ** II *несов. см.* **отогнáть** II.

**ОТГОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **отгороди́ть.**

**ОТГОРА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отгороди́ться; 2.** *страд. к* **отгорáживать.**

**ОТГОРА'ТЬ** *несов. см.* **отгорéть.**

**ОТГОРЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*кончить гореть*) түгөнүү, күйүп түгөнүү; **закáт отгорéл** баткан күндүн кызылы түгөндү; **2.** (*перегорев отвалиться*) күйүп түшүү; **сучóк отгорéл** бутак күйүп түштү.

**ОТГОРОДИ'ТЬ** *сов. кого-что* тосмолоо, калкалоо, кашаа кармоо, обочолоо; **отгороди́ть дáчу забóром** дачаны дубал менен тосмолоо; **отгороди́ть кровáть ши́рмой** кроватты ширма менен калкалоо.

**ОТГОРОДИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** тосмолонуу, кашаа кармалуу; **отгороди́ться ши́рмой** ширма менен тосмолонуу; **2.** *перен.* обочолоо, бөлүнүү, алыстоо, катышпоо (*мис. эски достору менен*).

**ОТГРАНИ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **отграни́чить.**

**ОТГРАНИ'ЧИТЬ** *сов. что* бөлүү, чектеп бөлүү, чек салып бөлүү.

**ОТГРЕБА'ТЬ** *несов. см.* **отгрести́.**

**ОТГРЕМЕ'ТЬ** *сов.* күркүрөп басылуу, дүңгүрөп басылуу; **гром отгремéл** күн күркүрөп басылды; **отгремéли раскáты войны́** *перен.* согуштун дүңгүрөгөн үнү басылды.

**ОТГРЕСТИ'** *сов.* **1.** *что* (*граблями*) шилеп арылатуу, шилеп казып алуу, күрөп таштоо, тырмоо менен тырмап таштоо; **отгрести́ солóму грáблями** саманды тырмоо менен тырмап таштоо; **2.** (*вёслами*) калак менен эшип жөнөө (арылоо); **отгрести́ от бéрега** калак менен эшип жээктен арылоо.

**ОТГРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **отгрузи́ть.**

**ОТГРУЗИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*погрузить*) жүктөө, жүктөп жөнөтүү, артып жөнөтүү, салып жөнөтүү; **отгрузи́ть у́голь** көмүрдү жүктөп жөнөтүү; **2.** (*кончить погрузку*) жүктөп бүтүү, артып бүтүү, салып бүтүү.

**ОТГРУ'ЗКА** *ж.* жүктөө, жүктөп жөнөтүү, артып жөнөтүү, салып жөнөтүү, **закóнчить в срок отгру́зку маши́н** машиналарды жөнөтүү үчүн жүктөөнү срогунда бүтүү.

**ОТГРЫЗА'ТЬ** *несов. см.* **отгры́зть.**

**ОТГРЫ'ЗТЬ** *сов. что* кемирип бөлүп алуу, кемирип сындырып алуу, кажылап бөлүп алуу.

**ОТГУ'Л** *м.* бош убакыт, боштондук (*ченемден ашык иштегени үчүн иштен боштондук*); **получи́ть отгу́л за сверхурóчную рабóту** ченемден ашык иштегендиги үчүн иштен боштондук алуу.

**ОТГУ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **отгуля́ть** 2.

**ОТГУ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бош (*мис. иштебеген, бош күн*).

**ОТГУЛЯ'ТЬ** *сов.* **1.** (*кончить гулять*) тамаша менен көңүл ачып бүтүү, тамаша менен убакыт өткөрүп бүтүү; **2.** *что* ченемден ашык иштегендиги үчүн иштен боштондук алуу; **отгуля́ть день** бир күн бош болуу.

**ОТДАВА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **отдáть; 2.** *чем* жыттануу, жыттанып туруу; **бóчка отдаёт ры́бой** бочка балык жыттанып турат; **расскáз отдаёт старинóй** *перен. разг.* аңгемеде эски замандын жыты бар.

**ОТДАВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отдáться; 2.** *страд. к* **отдавáть** (*см.* **отдáть** 1—5).

**ОТДАВИ'ТЬ** *сов. что* басып алуу, басып алып оорутуу; **мне отдави́ли нóгу** менин бутумду басып алышты.

**ОТДА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **отдави́ть.**

**ОТДАЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) алыстатуу, ыраактатуу; ажыратуу; **2.** (*даль*) алыс, ыраак; **держáть в отдалéнии** ыраакта тутуу.

**ОТДАЛЁННО** *нареч.* чендебеген, жакын келбеген; **э́то дáже отдалённо не похóже на прáвду** бул чындыкка такыр жакын келбейт.

**ОТДАЛЁННОСТЬ** *ж.* **1.** алыстык, ыраактык; **отдалённость от райóнного цéнтра** райондун борборунан алыстык; **2.** (*давность*) көп жыл өткөндүк, эчаккылык, байыркылык, атам заманкылык; **3.** (*напр. родства*) алыстык, кыйырдык (*тууғандыктын*); **4.** *перен.* анчалык эместик.

**ОТДАЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **отдали́ть; 2.** *прил.* (*далеко находящийся*) алыстагы, алыскы, алыстатылган, ыраактагы; **отдалённые райóны** ыраактагы райондор; **налáдить связь с отдалёнными учáстками** алыскы участоктор менен байланышты жолго коюу; **3.** *прил.* кыйыр, алыс, алыскы; көп жыл өткөн, атам заманкы, эчакки, байыркы; **отдалённое родствó** кыйыр туугандык; **4.** *прил. перен.* анчалык эмес, алыстан чалып айтылган; **отдалённое схóдство** окшоштугу анчалык эмес; **отдалённый намёк** алыстан чалып айтылган каңкуу.

**ОТДАЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** алыстатуу, ыраактатуу; **отдали́ть предмéт от фотографи́ческого аппарáта** нерсени фотоаппараттан алыстатуу; **отдали́ть встрéчу** жолугушууну алыстатуу; **2.** *перен.* алыстатуу, ыраакта-

www.bizdin.kg

(*нести ответственность*) өзүнөн кеткен ката үчүн *же* көңүлдү ача турган, муңун жаза турган чара бирөө үчүн жоопту болуу; башка бирөө үчүн иштөө; **отдуваться за всех** бардыгы үчүн иштөө.

**ОТДУ'ТЬ** *сов. кого-что, прост.* уруп (сабап) таштоо.

**ОТДУ'ШИНА** *ж.* **1.** отдушина (*печтин ысык чыгуучу тешиги*); **отду́шина в пе́чи** печтин отдушинасы; **2.** *перен. разг.* каарын (жинин, муңун, кубанычын) чыгаруу; **найти́ себе́** *в чём-л.* **отду́шину** *бир нерседен* (*мис. кайгыдан, муңдан*) кутулуу чарасын табуу.

**О'ТДЫХ** *м.* дем алыш, эс алыш; **пра́во на о́тдых** эс алууга укуктуулук; **день о́тдыха** дем алыш күн.

**ОТДЫХА'ТЬ** *несов. см.* **отдохну́ть.**

**ОТДЫХА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **отдыха́ть; 2.** *в знач. сущ. м.* дем алып отурган адам, дем алуучу, эс алуучу.

**ОТДЫША'ТЬСЯ** *сов.* энтиккени басылуу.

**ОТЁК** *м.* шишик (*тери астына сарыгып шишүү*); **отёк ног** буттун шишиги.

**ОТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **оте́чь.**

**ОТЁЛ** *м.* музоолоо.

**ОТЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* музоолоо; **коро́ва отели́лась** уй музоолоду.

**ОТЕ'ЛЬ** *м.* отель (*чоң гостиница*).

**ОТЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* жылытуу, жылуулоо.

**ОТЕПЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жылыткыч, жылытуучу; **отепли́тельные материа́лы** жылыткыч материалдар.

**ОТЕПЛИ'ТЬ** *сов. что* жылытуу, жылуулоо; **отепли́ть зда́ние** үйдү жылуулоо.

**ОТЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **отепли́ть.**

**ОТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* сүртүү, аарчуу.

**ОТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* сүртүнүү, аарчынуу.

**ОТЕСА'ТЬ** *сов. см.* **обтеса́ть.**

**ОТЕ'Ц** *м.* **1.** ата; **оте́ц семе́йства** үй-бүлөнүн атасы; **2. отцы́** *мн.* (*предки*) аталар, ата-бабалар; **3.** *перен.* (*родоначальник*) негиздөөчү, негиз салуучу; ◇ **от отца́ к сы́ну** атасынан баласына; **наро́дные пе́сни передава́лись от отца́ к сы́ну** эл ырлары атасынан баласына берилип келген.

**ОТЕ'ЧЕСКИ** *нареч.* атасынча; **пожури́ть оте́чески** атасынча жемелеп акыл айтуу.

**ОТЕ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **отец** 1-*ге т.*; аталык; **оте́ческий сове́т** атанын айткан акылы, атанын берген кеңеши; **оте́ческая забо́та** аталык камкордук.

**ОТЕ'ЧЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **отечество**-*го т.*; ата мекендик; **оте́чественное произво́дство** ата мекендик өндүрүш; **оте́чественные това́ры** ата мекендик товарлар; **оте́чественные учёные** ата мекендик окумуштуулар; **Вели́кая Оте́чественная война́** Улуу Ата Мекендик Согуш.

**ОТЕ'ЧЕСТВО** *ср.* ата мекен, туулуп-өскөн жер; **социалисти́ческое оте́чество** социалисттик ата мекен; **любо́вь к оте́честву** ата мекенди сүйгөндүк.

**ОТЁЧНОСТЬ** *ж.* шишимек тарткандык, шишик тарткандык.

**ОТЁЧНЫЙ,** -ая, -ое шишимек тарткан, шишиген; **отёчное лицо́** шишимек тарткан бет.

**ОТЕ'ЧЬ** *сов.* **1.** (*опухнуть*) шишүү, шишип кетүү; **2.** (*о свече*) эрип агып кетүү (*мом шам*).

**ОТЖА'ТЬ** I *сов.* **1.** *что* (*выжать*) сыгуу, сыгып суусун агызуу, сыгып ширесин чыгаруу; **2.** *кого-что, разг.* (*оттеснить*) кысымчылык көрсөтүп четтетүү.

**ОТЖА'ТЬ** II *сов. что, с.-х.* оруп бүтүү; **в колхо́зе ра́но отжа́ли пшени́цу** колхоздо буудайды эрте оруп бүтүштү.

**ОТЖЕ'ЧЬ** *сов. что, тех.* отжиг кылуу.

**ОТЖИВА'ТЬ** *несов. см.* **отжи́ть.**

**ОТЖИ'ВШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **отжи́ть; 2.** *прил.* эскирген, эскирип жарабай калган, таң болгон; **отжи́вшие взгля́ды** эскирип жарабай калган көз караштар.

**О'ТЖИГ** *м. тех.* **1.** отжиг, өң берүү, сугаруу (*керектүү сапат берүү үчүн металлды термикалык жол менен иштетүү*); **2.** (*стеклянных изделий*) катыруу (*айнектен жасалган буюмдар бекем болуу үчүн аларды печтерде жай муздатуу*).

**ОТЖИГА'ТЬ** *несов. см.* **отже́чь.**

**ОТЖИ'М** *м.* сыгуу, сыгып суусун (ширесин) агызуу.

**ОТЖИМА'ТЬ** *несов. см.* **отжа́ть** I.

**ОТЖИ'МКА** *ж.* сыгуу, сыгып суусун (ширесин) чыгаруу.

**ОТЖИНА'ТЬ** *несов. см.* **отжа́ть** II.

**ОТЖИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*прожить*) каруу, карылыгы жетүү, жашаарын жашоо; **отжи́ть свой век** карылыгы жетүү; **2.** (*устареть*) эскирүү, эскирип жарабай калуу, таң болуу; **обы́чай сватовства́ о́тжил** куда түшүү адаты эскирди.

**ОТЗВА'НИВАТЬ** *несов. см.* **отзвони́ть.**

**ОТЗВЕНЕ'ТЬ** *сов.* шыңгыраганы угулбай калуу; **колоко́льчики отзвене́ли вдали́** алыстагы коңгуроолордун шыңгыраганы угулбай калды.

**ОТЗВОНИ'ТЬ** *сов.* коңгуроо уруп бүтүү.

**О'ТЗВУК** *м.* **1.** (*эхо*) жаңырык; **2.** (*звук, доносящийся издалека*) үн, алыстан угулган үн; **о́тзвуки взры́вов** жарылуунун алыстан угулган үнү; **3.** *перен.* элес, элес-булас; **о́тзвуки про́шлого** өткөндүн элеси.

**ОТЗВУЧА'ТЬ** *сов.* жаңырып басылуу, айтылып бүтүү; **отзвуча́ли после́дние ре́чи** акыркы речтер айтылып бүттү.

**ОТЗОВИ'ЗМ** *м. полит.* отзовизм (*большевиктердин ичинде 1905 жылдагы революциядан кийин келип чыккан оппортунисттик, антипартиялык агым*).

**ОТЗОВИ'СТ** *м. полит.* отзовист (*отзовизмди жактоочу*).

**ОТЗОВИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **отзовизм**-*ге т.*

**ОТЗО'Л** *м.* **1.** (*действие*) жыдытуу; **2.** (*раствор с золой*) терини салып ашатуучу ашаткы.

**ОТЗОЛИ'ТЬ** *сов. что* жыдытуу; **отзоли́ть ко́жу** терини жыдытуу.

**ОТЗО'ЛКА** *ж. тех.* жыдытуу.

**ОТЗО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жыдытуучу; **отзо́льный чан** жыдытуучу чоң челек.

**О'ТЗЫВ** *м.* **1.** (*характеристика*) мүнөздөмө, баа, сын, рецензия; **о́тзыв о кни́ге** китепке берилген баа; **о́тзыв о диссерта́ции** диссертацияга берилген баа; **2.** *воен.* отзыв (*аскердик караолдогулардын атайы, жашырын, шарттуу жооп сөзү*).

**ОТЗЫ'В** *м.* кайта чакырып алуу; **отзы́в посла́** элчини кайта чакырып алуу; **отзы́в депута́та** депутатты кайта чакырып алуу.

**ОТЗЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **отозва́ть.**

**ОТЗЫВА'ТЬ** II *несов. безл. чем, разг.* жыттануу, жыт келүү; **здесь отзыва́ет че́м-то за́тхлым** бул жерден бир бүксүгөн жыт келет.

**ОТЗЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отозва́ться; 2.** *страд. к* **отзыва́ть.**

**ОТЗЫВНО'Й,** -а́я, -о́е: **отзывны́е гра́моты** *дип.* кайта чакырып алуу грамотасы.

**ОТЗЫ'ВЧИВОСТЬ** *ж.* боорукердик, жардамын аябагандык, көңүлчөөктүк, көңүл калтырбагандык.

**ОТЗЫ'ВЧИВЫЙ,** -ая, -ое боорукер, жардамын аябаган, көңүлчөөк, көңүл калтырбаган; **отзы́вчивый челове́к** боорукер киши.

**ОТИРА'ТЬ** *несов. см.* **отере́ть.**

**ОТИРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отере́ться; 2.** *страд. к* **отира́ть.**

**ОТКА'З** *м.* **1.** отказ, отказ кылуу, кабыл албоо; **получи́ть отка́з** отказ алуу; **отка́з в приёме** кабыл алсаңыз экен деген өтүнүчкө отказ алуу; **2.** (*остановка вследствие порчи*) токтолуп калыш, жүрбөй калыш, иштебей калыш; **отка́з мото́ра** мотордун жүрбөй калышы; **маши́на рабо́тает без отка́за** машина токтоосуз иштейт; **3.** *муз.* бекар (*диез же бемолду жокко чыгаруучу белги*); ◇ **до отка́за** *разг.* жык-жыйма, топтолтура, шыкалгыча, чегине жеткиче.

**ОТКАЗА'ТЬ** *сов.* **1.** *кому в чём* отказ кылуу, кабыл албоо, кабыл кылбоо; **отказа́ть в про́сьбе** өтүнүчтү кабыл кыл-

www.bizdin.kg

боо; 2. *кому-чему в чём, перен.* жок деп билүү, кечүү, тануу; **отказа́ть себе́** *в чём-л.* өзүнө керектүү *бир нерседен* кечүү; 3. *что кому, уст.* (*завещать*) мурас кылып калтыруу; **отказа́ть иму́щество жене́** мүлкүн аялына мурас кылып калтыруу; 4. *тех.* иштебей калуу; бузулуу; **мото́р отказа́л** мотор иштебей калды; ◇ **отказа́ть от ме́ста** *уст.* орундан бошотуу, кызматтан чыгаруу; **отказа́ть от до́ма** кабыл албоо, үйүнө чакырбай коюу; **не откажи́те в любе́зности** кичи бейилдикке, кол жалгап койсоңуз кантет.

**ОТКАЗА́ТЬСЯ** *сов. от чего и с неопр.* отказ кылуу, макул болбоо, көнбөө; **отказа́ться от пое́здки** баруудан отказ кылуу; **отказа́ться петь** ырдоодон отказ кылуу; ◇ **отказа́ться служи́ть** (*о вещах*) бузулуп калуу, эскирип жарабай калуу; **замо́к отказа́лся служи́ть** кулпу бузулуп калды; **не откажу́сь** баш тартпаймын.

**ОТКА́ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **отказа́ть.**

**ОТКА́ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отказа́ться;** 2. (*не быть в состоянии сделать*) колунан келбөө; **я отка́зываюсь понима́ть его́ слова́** мен анын сөзүн түшүнө албаймын; 3. *страд. к* **отка́зывать** (*см.* **отказа́ть** 3).

**ОТКА́ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **отколо́ть.**

**ОТКА́ЛЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отколо́ться;** 2. *страд. к* **отка́лывать.**

**ОТКА́ПЫВАТЬ** *несов. см.* **откопа́ть.**

**ОТКА́РМЛИВАНИЕ** *ср.* семиртүү, борго байлап семиртүү, бордоп семиртүү, багып семиртүү (*мис. малды*).

**ОТКА́РМЛИВАТЬ** *несов. см.* **откорми́ть.**

**ОТКА́Т** *м.* кетенчиктөө; **отка́т ору́дий** замбиректин кетенчиктеши.

**ОТКАТИ́ТЬ** *сов. что* дөңгөлөтүп (тоголотуп, тегеретип) жылдыруу, кетенчиктетүү; **откати́ть колесо́** дөңгөлөктү дөңгөлөтүп жылдыруу; **откати́ть ваго́ны** вагондорду дөңгөлөтүп жылдыруу.

**ОТКАТИ́ТЬСЯ** *сов.* 1. дөңгөлөнүп (тоголонуп, тегеренип) кетүү; **колесо́ откати́лось** дөңгөлөк дөңгөлөнүп кетти; 2. *перен.* (*поспешно отступить*) шашылыш түрдө артка чегинүү; **враг откати́лся за́ реку** душман шашылыш түрдө суунун аркы өйүзүнө чегинди.

**ОТКА́ТКА** *ж. горн.* откатка, откатка кылуу (*шахтадан казылган кенди ташып чыгуу*); **механи́ческая отка́тка у́гля́ в ша́хтах** шахталарда көмүрдү механикалык жол менен откатка кылуу.

**ОТКА́ТЧИК** *м. горн.* откатчик (*кенди шахтадан ташып чыгуучу жумушчу*); **отка́тчик у́гля́** көмүр откатчиги.

**ОТКА́ТЫВАТЬ** *несов. см.* **откати́ть.**

**ОТКА́ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **откати́ться;** 2. *страд. к* **отка́тывать.**

**ОТКАЧА́ТЬ** *сов. что* насос менен сордуруп чыгаруу; **откача́ть во́ду** сууну насос менен сордуруп чыгаруу; **откача́ть во́здух** абаны насос менен сордуруп чыгаруу; ◇ **откача́ть уто́пленника** сууга чөгүп тумчугуп чала жан болгон кишини атайын кыймылдар менен эсине келтирүү.

**ОТКА́ЧИВАТЬ** *несов. см.* **откача́ть.**

**ОТКА́ЧКА** *ж.* насос менен сордуруп чыгаруу (*сууну же абаны*).

**ОТКАЧНУ́ТЬ** *сов. кого-что, разг.* бир жакка теңселтип жиберүү; **откачну́ть стре́лку ма́ятника** маятниктин стрелкасын бир жакка теңселтип жиберүү.

**ОТКАЧНУ́ТЬСЯ** *сов. разг.* теңселе түшүү, бир жагына теңселүү; **ма́ятник откачну́лся** маятник бир жагына теңселди (термелди).

**ОТКА́ШЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отка́шляться.**

**ОТКА́ШЛЯНУТЬ** *сов. что* жөтөлүү, жөтөлүп какырык чыгаруу; **отка́шлянуть мокро́ту** жөтөлүп какырык чыгаруу.

**ОТКА́ШЛЯТЬСЯ** *сов.* 1. жөтөлүп какырык түкүрүү; **больно́й отка́шлялся** оору жөтөлүп какырык түкүрдү; 2. жөтөлүп тамагын жасоо; **ора́тор отка́шлялся и на́чал речь** оратор жөтөлүп тамагын жасап, сөзүн баштады.

**ОТКИДНО́Й, -а́я, -о́е** үстү кайра ачылма (*мис. извозчик арабанын чатыры, саябаны*).

**ОТКИ́ДЫВАТЬ** *несов. см.* **отки́нуть.**

**ОТКИ́ДЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отки́нуться;** 2. *страд. к* **отки́дывать.**

**ОТКИ́НУТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*отбросить*) бир четке ыргытуу, бир четке алып таштоо; **отки́нуть ка́мень с доро́ги** ташты жолдон бир четке алып таштоо; 2. *что* (*отогнуть*) кайыруу; **отки́нуть воротни́к шу́бы** тондун жакасын кайыруу; 3. *что* (*напр. голову*) чалкалатуу; 4. *что, перен.* (*отвергнуть*) чыгарып таштоо, кабыл албай коюу (*мис. ойду*).

**ОТКИ́НУТЬСЯ** *сов.* сүйөнүп чалкалоо, жөлөнүп чалкалоо; **отки́нуться на спи́нку сту́ла** стулдун аркасына сүйөнүп чалкалоо.

**ОТКЛА́ДЫВАТЬ** *несов. см.* **отложи́ть;** ◇ **не откла́дывая в до́лгий я́щик** таштап сүрсүтүп койбостон; «жата берсин» деп таштап койбостон.

**ОТКЛА́НИВАТЬСЯ** *несов. см.* **откла́няться.**

**ОТКЛА́НЯТЬСЯ** *сов. уст.* жүгүнүп коштошуу.

**ОТКЛЕ́ИВАТЬ** *несов. см.* **откле́ить.**

**ОТКЛЕ́ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **откле́иться;** 2. *страд. к* **откле́ивать.**

**ОТКЛЕ́ИТЬ** *сов. что* сыйруу, желимделген нерсени сыйруу, чапталган нерсени сыйруу, желимин ажыратуу, желиминен ажыратуу; **откле́ить ма́рку с конве́рта** марканы конверттен сыйруу.

**ОТКЛЕ́ИТЬСЯ** *сов.* сыйрылуу, сыйрылып калуу, желими ажыроо, желиминен ажыроо; **ма́рка откле́илась** марка сыйрылып калды.

**ОТКЛЕПА́ТЬ** *сов. что* бөрктөп чегеленген мыкты чыгаруу; **отклепа́ть заклёпку** бөрктөп чегеленген мыкты чыгаруу.

**О́ТКЛИК** *м.* 1. ыялаган үн; 2. (*сочувственное отношение*) отклик, мамилесин билдирүү; **найти́ о́тклик** отклик табуу; **не встре́тить о́тклика** отклик таппоо; **живо́й о́тклик** жандуу отклик, кызуу отклик; 3. *перен.* (*оценка, отзыв*) отклик, баа, сын; **благоприя́тные о́тклики кри́тики на кни́гу** китепке берилген сындын жакшы баасы; 4. *перен.* (*след, отражение*) элес; **о́тклики про́шлого** өткөндүн элеси.

**ОТКЛИКА́ТЬСЯ** *несов. см.* **откли́кнуться.**

**ОТКЛИ́КНУТЬСЯ** *сов. на что* 1. жооп кайтарып үн берүү, ыялоо, добуш берүү; **откли́кнуться на зов** чакырыкка жооп кайтарып үн берүү; 2. *перен.* өзүнүн мамилесин билдирүү; **откли́кнуться на собы́тие** болгон окуяга өзүнүн мамилесин билдирүү.

**ОТКЛОНЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*в сторону*) кыйшаюу, бир жакка жантаюу, бир жакка оош; **отклоне́ние стре́лки ко́мпаса** компастын стрелкасынын бир жакка кыйшайышы; 2. (*отказ*) четке кагуу, кабыл албоо, кабыл албай коюу, **отклоне́ние предложе́ния** сунушту четке кагуу; 3. *перен.* четтеп кетүү, чектен чыгуу; **отклоне́ние от но́рмы** нормадан четке чыгуу.

**ОТКЛОНИ́ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*в сторону*) кыйшайтуу, бир жакка жантайтуу, бир жакка оодарылтуу; 2. *перен.* (*отвергнуть*) отказ кылуу, макул таптоо, кабыл албоо, кабыл албай коюу; **отклони́ть хода́тайство** өтүнүчтү кабыл албай коюу; **отклони́ть предложе́ние** сунушту кабыл албоо.

**ОТКЛОНИ́ТЬСЯ** *сов.* 1. (*в сторону*) кыйшаюу, бир жакка жантаюу, бир жакка оодарылуу; 2. *перен.* четтеп кетүү, чектен чыгуу, четке чыгуу, жолдон четтөө; **отклони́ться от те́мы докла́да** докладдын темасынан четтеп кетүү.

**ОТКЛОНЯ́ТЬ** *несов. см.* **отклони́ть.**

**ОТКЛОНЯ́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отклони́ться;** 2. *страд. к* **отклоня́ть.**

**ОТКЛЮЧА́ТЬ** *несов. см.* **отключи́ть.**

**ОТКЛЮЧИ́ТЬ** *сов. что* отключить этүү (*иштетпей коюу*); **отключи́ть телефо́н** телефонду отключить этүү.

www.bizdin.kg

**ОТКОВА'ТЬ** *сов.* **1.** (*закончить ковку*) такалап бүтүү; **2.** *что* (*изготовить ковкой*) согуп жасоо; **откова́ть подко́ву** согуп така жасоо.

**ОТКО'ВКА** *ж.* такалоо.

**ОТКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **откова́ть.**

**ОТКОВЫ'РИВАТЬ** *несов. см.* **отковыря́ть.**

**ОТКОВЫРЯ'ТЬ** *сов. что* чукуп салуу, чукуп чыгаруу, чукуп түшүрүп салуу; **отковыря́ть штукату́рку** шыбакты чукуп түшүрүп салуу.

**ОТКОЗЫРНУ'ТЬ** *однокр.* колун козырёкко коюп салам берүү.

**ОТКОЗЫРЯ'ТЬ** I *сов. кому, воен. разг.* колун козырёкко коюп салам берүү.

**ОТКОЗЫРЯ'ТЬ** II *сов. карт.* көзүрдү (көзүр менен) басуу (*карта ойнунда*).

**ОТКОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **отколоти́ть** 1.

**ОТКО'ЛЕ** *нареч. уст.* кайдан, кайсы жерден.

**ОТКОЛОТИ'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* (*отделить*) уруп чыгаруу, уруп ажыратуу (*кадалган нерсени*); **отколоти́ть кры́шку я́щика** ящиктин капкагын уруп чыгаруу; **2.** *кого* аябай тепкилөө, аябай уруу.

**ОТКОЛО'ТЬ** *сов. что* **1.** (*отбить*) уруп жаруу, жара чабуу; уруп, чагып, сындырып алуу; **отколо́ть кусо́чек са́хара** кантты чагып, кичинекей сындырып алуу; **2.** (*что-либо приколотое*) төөнөлгөн нерсени чыгаруу, сайылган нерсени чечүү, алып таштоо; **отколо́ть бант** бантты алып таштоо; ◇ **отколо́ть штýку** *разг.* жарабаган иш кылуу.

**ОТКОЛО'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*отломаться*) жарылуу, жарылып бөлүнүү (*мис. муз*); **2.** (*о чём-л. приколотом*) төөнөлгөн нерсе чыгарып ташталуу, сайылган нерсе чечилүү, алынып ташталуу; **3.** *перен.* (*порвать с кем-л.*) бөлүнүп калуу, ажыроо, байланышын үзүү; **отколо́ться от това́рищей** жолдошторунан бөлүнүп калуу.

**ОТКОЛУПА'ТЬ** *сов. что, прост.* тырмап түшүрүү, чукуп салуу, чукуп чыгаруу.

**ОТКОЛУПНУ'ТЬ** *однокр. прост.* тырмап түшүрүү, чукуп чыгаруу.

**ОТКО'ЛЬ** *нареч. см.* **отко́ле.**

**ОТКОМАНДИРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* жиберүү, башка кызматка жиберүү; **откомандирова́ть в областно́е учрежде́ние** областтык мекемеге кызматка жиберүү; **откомандирова́ть в распоряже́ние шта́ба** штабдын карамагына жиберүү.

**ОТКОМАНДИРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **откомандирова́ть.**

**ОТКОПА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** казып алуу; **откопа́ть ко́рни де́рева** жыгачтын тамырын казып алуу; **2.** *перен. разг.* (*найти*) чукуп табуу, издеп табуу; **откопа́ть ре́дкую кни́гу** сейрек, жок китепти издеп табуу.

**ОТКО'РМ** *м.* семиртүү, борго байлап семиртүү, багып семиртүү; **отко́рм скота́** малды борго байлап семиртүү.

**ОТКОРМИ'ТЬ** *сов. кого* семиртүү, борго байлап семиртүү, бордоп семиртүү, багып семиртүү (*мис. малды*).

**ОТКО'РМЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **откорми́ть; 2.** *прил.* борго байланган, борго байлап семиртилген; **отко́рмленный скот** борго байлап семиртилген мал.

**ОТКО'РМОЧНЫЙ,** -ая, -ое семиртүү, борго байлоо үчүн арналган; **отко́рмочный пункт** семиртүү пункту, борго байлоо пункту.

**ОТКО'С** *м.* жантайма, боор; **отко́с холма́** дөбөнүн боору; **пусти́ть по́езд под отко́с** поездди жантаймадан кулатуу.

**ОТКОЧЕВА'ТЬ** *сов.* көчүп кетүү, башка жерге көчүү.

**ОТКРЕПИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* чечип бошотуу, бошотуп ажыратуу; **открепи́ть ло́дку** кайыкты чечип бошотуу; **2.** *кого-что* (*снять с учёта*) учёттон чыгаруу.

**ОТКРЕПИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*отвязаться*) чечилип бошонуу, бошонуп ажыроо; **2.** (*сняться с учёта*) учёттон чыгуу.

**ОТКРЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** чечип (бошотуп) ажыратуу, чечилип (бошонуп) ажыроо; **2.** (*снятие с учёта*) учёттон чыгуу, учёттон чыгаруу.

**ОТКРЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **открепи́ть.**

**ОТКРЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **открепи́ться; 2.** *страд. к* **открепля́ть.**

**ОТКРЕСТИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **откре́щиваться.**

**ОТКРЕ'ЩИВАТЬСЯ** *несов. разг.* бетин ары кылсын деп качуу, жок шылтоо таап бошонуу; **откре́щиваться от вся́ких предложе́ний** жок шылтоо менен бардык сунуштардан кутулуу.

**ОТКРОВЕ'НИЕ** *ср.* ачуу, жаңылык; **э́то насто́ящее открове́ние для всех нас** бул баарыбыз үчүн жаңылык болду.

**ОТКРОВЕ'ННИЧАТЬ** *несов. разг.* ичтегисин айтуу, капкайдагы сырды айтуу.

**ОТКРОВЕ'ННО** *нареч.* ачык-айрым, апачык, көз көрүнөө.

**ОТКРОВЕ'ННОСТЬ** *ж.* **1.** (*искренность*) ачык-айрымдык, апачыктык, көз көрүнөөлүк; **2.** (*откровенное признание*) ачык моюнга алгандык, жаап-жашырбастан чынын айткандык; ◇ **прости́те за открове́нность** чындыкты айтканым үчүн айып көрбөңүз.

**ОТКРОВЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*искренний*) ачык, жашырбаган; **открове́нное призна́ние** ачык моюнга алуу; **2.** (*очевидный*) көз көрүнөө, тайманбаган; **открове́нное наха́льство** *разг.* тайманбаган бети жоктук.

**ОТКРОМСА'ТЬ** *сов. что, разг.* иретсиз кескилеп таштоо, туурагылап таштоо.

**ОТКРУТИ'ТЬ** *сов. что* жандыруу, бурап ачуу; **откру́ти́ть верёвку** жипти жандыруу; **открути́ть кран** кранды бурап ачуу.

**ОТКРУТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** чыйралганы жануу; **верёвка открути́лась** жиптин чыйралганы жанды; **2.** *перен.* (*отделаться от чего-л.*) кутулуу, кутулуп кетүү, эбин таап кутулуу.

**ОТКРУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **открути́ть.**

**ОТКРУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **открути́ться; 2.** *страд. к* **откру́чивать.**

**ОТКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **откры́ть.**

**ОТКРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **откры́ться; 2.** *страд. к* **открыва́ть.**

**ОТКРЫ'ТИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) ачылуу; **откры́тие съе́зда** съезддин ачылышы; **откры́тие клу́ба** клубдун ачылышы; **2.** ачуу, табуу; **нау́чное откры́тие** илимий ачуу; **сде́лать откры́тие** жаңы бир нерсени табуу.

**ОТКРЫ'ТКА** *ж.* открытка (*ачык кат, почта карточкасы*); **почто́вая откры́тка** почта открыткасы.

**ОТКРЫ'ТО** *нареч.* ачык, жаап-жашырбай; **откры́то де́йствовать** ачык иш жүргүзүү; **откры́то призна́ть свою́ оши́бку** өзүнүн жаңылыштыгын ачык мойнуна алуу.

**ОТКРЫ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **откры́ть; 2.** *прил.* (*раскрытый*) ачык, ачылган; **откры́тая кни́га** ачык китеп; **откры́тые глаза́** ачык көз; **3.** *прил.* жылаңач, ачык; **откры́тая ше́я** жылаңач моюн; **4.** *прил.* (*доступный для всех*) ачык; **откры́тое парти́йное собра́ние** партиянын ачык чогулушу; **откры́тое заседа́ние учёного сове́та** илимий советтин ачык заседаниеси; **5.** *прил.* (*прямой, явный*) ачык, ашкере; **откры́тое голосова́ние** ачык добуш берүү; **вы́ступить с откры́тым проте́стом** ачык наразылык көрсөтүп чыгуу; **6.** *прил.* (*искренний*) чын, чын бейли менен, жашырып-жаппастан; **с откры́тым се́рдцем** чын бейли менен; **с откры́той душо́й** ак көңүлү менен, чын дили менен; **7.** *прил. лингв.* ачык; **откры́тый гла́сный** ачык үндүү; **откры́тый слог** ачык муун; ◇ **откры́тый вопро́с** чечилбеген маселе; **оста́вить вопро́с откры́тым** маселени ачык калтыруу; **откры́тое мо́ре** жээктен алыс жаткан деңиз бети; **под откры́тым не́бом** 1) ачык талаада; 2) *перен.* караманча, үйсүз-жайсыз; **откры́тое письмо́** 1) (*обращение*) бирөөгө арналып басмага жарыяланган ачык кат; 2) ачык кат, почта открыткасы; **откры́тый спо́соб разрабо́тки** *горн.* кен-

www.bizdin.kg

ди ачык (шахтасыз эле) казуу жолу; **откры́тый фланг** *воен.* ачык фланг (*корулбаган фланг; кол салууга оңтойлуу фланг*); **день откры́тых двере́й** эшик ачык күн (*каалагандар келе берүүгө арналган күн*).

**ОТКРЫ'ТЬ** *сов. что* **1.** ачуу, жаюу; **откры́ть чемода́н** чемодан ачуу; **откры́ть дверь** эшик ачуу; **откры́ть окно́** терезе ачуу; **откры́ть зо́нтик** зонтикти жаюу; **откры́ть кни́гу** китепти ачуу; **откры́ть глаза́** көздү ачуу; **2.** (*дать доступ*) ачуу, жол ачуу, жол берүү, коё берүү; **откры́ть вход** кирүүгө жол ачуу; **откры́ть ко́мнату** бөлмөнү ачуу; **3.** (*обнажить*) ачуу, ачып салуу, жылаңачтоо; **откры́ть ше́ю** моюнду ачуу; **4.** *перен.* ачуу, оюндагысын айтуу, сырды айтуу, черин жазуу; **откры́ть ду́шу** ичиндегисин айтып, черин жазуу; **откры́ть свои́ наме́рения** өзүнүн оюндагыларын айтуу; **откры́ть ка́рты** 1) карта ачуу (*картаны көрсөтүп туруп ойноо*); 2) *перен.* сырын ачуу; **5.** (*пустить в действие*) жиберүү; **откры́ть газ** газ жиберүү; **откры́ть во́ду** суу жиберүү; **6.** ачуу, баштоо; **откры́ть заседа́ние** заседаниени ачуу; **откры́ть теа́тр** театрды ачуу; **откры́ть па́мятник** эстеликти ачуу; **откры́ть торго́влю** соода баштоо; **7.** (*установить наличие чего-л.*) ачуу, табуу; **откры́ть за́лежи руды́** руданын кенин табуу; **откры́ть дре́внюю ру́копись** байыркы замандын кол жазмасын табуу; **откры́ть за́говор** заговорду ачуу; ◇ **откры́ть креди́т** *эк.* кредит ачуу, кредиттен пайдаланууга укук берүү; **откры́ть счёт** счёт ачуу; **откры́ть ого́нь** *воен.* ата баштоо; **откры́ть рот** сүйлөй баштоо; **рта откры́ть не даёт** *разг.* эч сүйлөтпөйт;ооз ачырбайт; **откры́ть ско́бки** *мат.* кашаа ачуу, кашааны ачуу.

**ОТКРЫ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** ачылуу; **дверь откры́лась** эшик ачылды; **окно́ откры́лось** терезе ачылды; **2.** ачылуу; **ра́на откры́лась** жара ачылды; **3.** *перен.* көрүнүү; **пе́ред на́ми откры́лся краси́вый вид** биздин алдыбыздан сонун жер көрүндү; **4.** *кому* сырды айтуу; **он во всём откры́лся дру́гу** ал ичиндеги сырынын бардыгын досуна айтты; **5.** (*обнаружиться, появиться*) ачылуу, табылуу, келип калуу; **у него́ откры́лась чахо́тка** анын кургак учук оорусу бар экендиги ачылды.

**ОТКУ'ДА** *нареч. вопр. и относ.* кайдан, кайсы жерден; **отку́да он прие́хал?** ал кайсы жерден келди?; ал кайдан келди?; **отку́да ты э́то узна́л?** сен муну кайдан билдиң?; **возвраща́йся, отку́да прие́хал** келген жолуң менен кайта баргын; ◇ **отку́да ни возьми́сь** *разг.* кайдан жайдан (*күтүлбөгөн жерден келген жөнүндө*).

**ОТКУ'ДА-ЛИБО** *нареч.* бир жерден, кайдандыр бир жерден.

**ОТКУ'ДА-НИБУДЬ** *нареч. см.* **отку́да-либо.**

**ОТКУ'ДА-ТО** *нареч.* алда кайдан, кайдандыр, бир жактан; **отку́да-то доноси́лась пе́сня** бир жактан ырдаган үн угулду.

**О'ТКУП** *м.* (*мн.* **откупа́**) *ист.* откуп (*бир мамлекеттик кирешени дүңүнөн өкмөткө төлөп коюп, жеке адамдын аны өз пайдасына өндүрүп алуу укугу*); ◇ **отда́ть на о́ткуп** бирөөнүн толук карамагына берүү.

**ОТКУПА'ТЬ** *несов. см.* **откупи́ть.**

**ОТКУПА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **откупи́ться; 2.** *страд. к* **откупа́ть.**

**ОТКУПИ'ТЬ** *сов. кого-что, уст.* жалпы жонунан (дүңүнөн) сатып алуу.

**ОТКУПИ'ТЬСЯ** *сов. от кого-чего, уст.* төлөп (пара берип) кутулуу.

**ОТКУПНО'Й,** -а́я, -о́е **откуп-***ка т.*; **откупна́я систе́ма торго́вли** сооданын откуп системасы.

**ОТКУ'ПОРИВАНИЕ** *ср.* тыгынын чыгаруу, ачуу (*бөтөлкөнүн*).

**ОТКУ'ПОРИВАТЬ** *несов. см.* **отку́порить.**

**ОТКУ'ПОРИТЬ** *сов. что* тыгынын чыгаруу, ачуу (*бөтөлкөнүн*); **отку́порить буты́лку** бөтөлкөнүн тыгынын чыгаруу.

**ОТКУ'ПОРКА** *ж.* тыгынды чыгаруу, ачуу (*бөтөлкөнүн*).

**ОТКУПЩИ'К** *м. ист.* откупщик (*откупту ээлөөчү киши*).

**ОТКУСИ'ТЬ** *сов. что, чего* **1.** керте тиштеп алуу, тиштеп үзүп алуу; **откуси́ть кусо́к хле́ба** нанды тиштеп үзүп алуу; **2.** *тех.* керте тиштетип үзүп алуу, ат тиш менен тиштетип үзүп алуу; **откуси́ть коне́ц про́волоки** сымдын учун керте тиштетип үзүп алуу.

**ОТКУ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **откуси́ть.**

**ОТКУ'ШАТЬ** *сов. уст.* **1.** (*окончить еду*) тамак жеп бүтүү; **2.** *чего* (*поесть*) тамактануу; **3.** *что* (*попробовать пищу*) даамын татып көрүү.

**ОТЛАГА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* кийинкиге таштап коюу, кийинкиге калтыруу, кийинкиге калтырып коюу; **э́то де́ло не те́рпит отлага́тельства** бул ишти кийинкиге калтырууга болбойт.

**ОТЛАГА'ТЬ** *несов. см.* **отложи́ть 4.**

**ОТЛАГА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отложи́ться; 2.** *страд. к* **отлага́ть.**

**ОТЛАКИРОВА'ТЬ** *сов. что* лактоо, лактап бүтүү, лактап коюу, лак сыйпап бүтүү; **отлакирова́ть ме́бель** мебелди лактап коюу.

**ОТЛА'МЫВАТЬ** *несов. см.* **отлома́ть, отломи́ть.**

**ОТЛА'МЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отлома́ться, отломи́ться; 2.** *страд. к* **отла́мывать.**

**ОТЛЕГА'ТЬ** *несов. см.* **отле́чь.**

**ОТЛЕЖА'ТЬ** *сов. что* баса жатып уктатуу (*мис. колду, бутту*); **отлежа́ть но́гу** бутту баса жатып уктатуу.

**ОТЛЕЖА'ТЬСЯ** *сов. разг.* каалаганынча жатуу, дем алуу, жатып оңолуу, жатып күч алып оңолуу.

**ОТЛЁЖИВАТЬ** *несов. см.* **отлежа́ть.**

**ОТЛЁЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отлежа́ться.**

**ОТЛЕПИ'ТЬ** *сов. что, разг.* сыйруу, жабышкан нерсени ажыратуу, желимин ажыратуу (*мис. марканы*).

**ОТЛЕПИ'ТЬСЯ** *сов.* чапталган (желимделген) нерсе сыйрылуу, желими ажыроо.

**ОТЛЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **отлепи́ть.**

**ОТЛЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **отлепи́ться; 2.** *страд. к* **отлепля́ть.**

**ОТЛЁТ** *м.* учуп кетиш (*мис. келгин куштар же самолёт*); **отлёт птиц** куштардын учуп кетиши; ◇ **быть на отлёте** *разг.* кетүүгө камдануу, кеткени (жөнөгөнү) туруу; **жить на отлёте** *разг.* обочо, ээн туруу; көпчүлүктөн бөлөк жашоо; **держа́ть на отлёте** өзүнөн оолак кармоо, өзүнөн алыс кармоо (*колду сунуп*).

**ОТЛЕТА'ТЬ** I *несов. см.* **отлете́ть.**

**ОТЛЕТА'ТЬ** II *сов.* **1.** (*кончить летать*) баруучу жерине учуп жетүү; **2.** *что, разг.* (*пробыть лётчиком*) учуп жүрүү (*бир канча убакыт*); **он отлета́л де́сять лет** ал он жыл бою учкан.

**ОТЛЕТЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*улететь*) учуп кетүү; **пти́цы отлете́ли** куштар учуп кетишти; **2.** *разг.* (*оторваться*) үзүлүп кетүү, үзүлүп калуу; **пу́говица отлете́ла** топчу үзүлүп кетти; **3.** *разг.* (*отскочить*) секирип (ыргып) кетүү; **мяч отлете́л далеко́** топ алыс секирип кетти.

**ОТЛЕ'ЧЬ** *сов. безл. разг.* басылуу, басаңча тартуу, ордуна келүү; **у меня́ отлегло́ от се́рдца** менин жүрөгүм ордуна келди.

**ОТЛИ'В** I *м.* **1.** (*действие*) бир бөлүгү, анча-мынчасы куюлуп алынуу; **2.** (*морской*) тартылуу; **начался́ отли́в** деңиз суусу тартыла баштады; **3.** *перен.* кемүү, тартылуу, солгун тартуу; **прили́вы и отли́вы революцио́нного движе́ния** революциялык кыймылдын ташкындашы жана тартылышы; **4.** (*приспособление для стока воды*) арыкча (*суу токтобой агып туруу үчүн жасалган атайын арыкча*).

**ОТЛИ'В** II *м.* (*оттенок*) кулпуруу, кубулуу; **чёрный с си́ним отли́вом** көгүлжүм болуп кулпурган кара; **се́рый с серебри́стым отли́вом** күмүштөй кубулган боз өң.

**ОТЛИВА'ТЬ** I *несов. см.* **отли́ть.**

www.bizdin.kg

**ОТЛИВА'ТЬ** II *несов. чем* кулпуруу, кубулуу; **морска́я вода́ отлива́ет зелёным** деңиз суусу жашыл сымак болуп кулпурат.

**ОТЛИ'ВКА** *ж. тех.* 1. (*действие*) куюп жасоо (*металлдан*); 2. (*изделие*) куюп жасалган нерсе, куйма нерсе; **чугу́нная отли́вка** чоюндан куюп жасалган нерсе.

**ОТЛИПА'ТЬ** *несов. см.* **отли́пнуть.**

**ОТЛИ'ПНУТЬ** *сов.* желими ажыроо, жабышкан жери ажыроо.

**ОТЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. *чего* (*вылить часть*) бир аз куюп алуу (*бөксөртүп*); **отли́ть молока́ в ча́шку** сүттөн табакка бир аз куюп алуу; 2. *тех.* (*изготовить литьём*) куюп жасоо, эритип куюп жасоо; **отли́ть ста́тую** куюп статуя жасоо.

**ОТЛИ'ТЬСЯ** *сов.* бөлүп куюлуу, бөлүп куюп алынуу (*бөксөртүү үчүн*); ◇ **отолью́тся ко́шке мы́шкины слёзки** *посл.* чычкандын көз жашы мышыкка да жетээр.

**ОТЛИЧА'ТЬ** *несов. см.* **отличи́ть.**

**ОТЛИЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отличи́ться;** 2. *чем* (*выделяться*) айырмалануу, ажыроо, окшобоо; **отлича́ться сообрази́тельностью** өзүнүн ойлоп тапкычтыгы менен айырмалануу, башкаларга караганда зейрек болуу.

**ОТЛИ'ЧИЕ** *ср.* 1. (*различие*) айырма, айырмалык, өзгөчөлүк; **суще́ственное отли́чие** маанилүү айырма; **незначи́тельные отли́чия** болор-болбос айырмалар; 2. көрүнүктүүлүк, артыкчылык; **зна́ки отли́чия** көрүнүктүүлүк белгиси; **дипло́м с отли́чием** артыкчылыгы бар диплом; **ко́нчить институ́т с отли́чием** институтту артыкчылыгы бар диплом менен бүтүү; ◇ **в отли́чие** *от чего-л. бир нерседен* айырмаланып.

**ОТЛИЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое айра турган, билдире турган, бир нерседен экинчи нерсени айрып билдире турган; **отличи́тельные зна́ки** бир нерседен экинчи нерсени айрып билдире турган белгилер; **отличи́тельная осо́бенность** айырмалоочу бөтөнчөлүк.

**ОТЛИЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*установить разницу*) айруу, ажыратуу, билүү, ажыратып билүү; 2. (*наградить, отметить*) сыйлоо, көрүнүктүүлүк үчүн сыйлоо.

**ОТЛИЧИ'ТЬСЯ** *сов.* мыктылык көрсөтүү; **отличи́ться в состяза́ниях** мелдеште мыктылык көрсөтүү; **отличи́ться в бою́** урушта мыктылык көрсөтүү.

**ОТЛИ'ЧНИК** *м.* отличник; **отли́чники на́шей шко́лы** биздин мектептин отличниктери; **отли́чники произво́дства** өндүрүштүн отличниктери (*эң жакшы иштеген адамдары*).

**ОТЛИ'ЧНИЦА** *женск. р. к* **отли́чник;** отличница.

**ОТЛИ'ЧНО** 1. *нареч.* эң жакшы, өтө сонун, эң сонун, укмуштуу; **отли́чно отве́тить на экза́мене** экзаменде эң жакшы жооп берүү; 2. *частица разг.* макул, жакшы болот; **он сейча́с придёт. — Отли́чно, мы его́ здесь подождём** ал азыр келет.— Жакшы болот, аны биз ушул жерде күтөлүк; 3. *в знач. сущ. ср. нескл.* (*отметка*) отлично, отлично деген баа (*эң мыкты отметка*); **учи́ться на отли́чно** отлично деген баага окуу; **получи́ть отли́чно по ру́сскому языку́** орус тили боюнча отлично деген баа алуу.

**ОТЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое эң жакшы, эң мыкты, өтө сонун; **отли́чный рабо́тник** эң мыкты кызматкер; **он написа́л отли́чную статью́** ал сонун макала жазды.

**ОТЛО'ГИЙ,** -ая, -ое эңкейиш, жантайма; **отло́гие берега́** жантайма жээктер; **отло́гий спуск к мо́рю** деңизге түшкөн эңкейиш.

**ОТЛО'ГО** *нареч.* эңиштеп, жантайып; **доро́га идёт отло́го** жол эңиштеп кетет.

**ОТЛО'ГОСТЬ** *ж.* эңкештик, жантаймалык; **отло́гость скло́нов** боордун жантаймалыгы (*мис. тоонун боорунун*).

**ОТЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. *уст.* (*отделение*) бөлүнүп чыгуу (*мамлекеттин бир бөлүгү*); 2. *геол.* катмар; **известко́вые отложе́ния** акиташ катмарлары; 3. *физиол.* кабат, кабаттануу; **жировы́е отложе́ния** май кабаттары.

**ОТЛОЖИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*в сторону*) мындай коюу, алып коюу, бөлүп коюу; **отложи́ть кни́гу** китепти мындай алып коюу; 2. (*на счётах*) салуу; 3. *разг.* (*приберечь*) бөлүп сактап коюу, көрсөтпөй сактап коюу; **отложи́ть де́ньги на о́тпуск** отпускага деп сактап, акчаны бөлүп коюу; 4. (*отсрочить*) кийинкиге калтыруу; **отложи́ть собра́ние** чогулушту кийинкиге калтыруу; ◇ **отложи́ть** *что-л.* **в до́лгий я́щик** *бир нерсени* «жата берсин» деп, таштап коюу; **отложи́ть личи́нку** личинка салуу.

**ОТЛОЖИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *от кого-чего, уст.* (*отделиться*) бөлүнүп чыгуу (*бир мамлекеттен өзүнчө бөлүнүп чыгуу*); 2. *геол.* катмар пайда болуу, тоо тектери түнүп кабат пайда болуу.

**ОТЛОЖНО'Й,** -а́я, -о́е: **отложно́й воротни́к** кайырма жака.

**ОТЛОМА'ТЬ** *сов. что* сындырып алуу.

**ОТЛОМА'ТЬСЯ** *сов.* сынуу, сынып түшүү, сынып бөлүнүү.

**ОТЛОМИ'ТЬ** *сов. что* сындырып алуу; **отломи́ть ве́тку** бутакты сындырып алуу; **отломи́ть кусо́к хле́ба** бир үзүм нан сындырып алуу.

**ОТЛОМИ'ТЬСЯ** *сов.* сынуу, сынып түшүү, сынып бөлүнүү; **ве́тка отломи́лась** бутак сынып түштү.

**ОТЛУПИ'ТЬ** *сов. кого, прост.* (*избить*) абдан уруу, көк ала койдой союу, жанчуу.

**ОТЛУЧА'ТЬ** *несов. см.* **отлучи́ть.**

**ОТЛУЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отлучи́ться;** 2. *страд. к* **отлуча́ть.**

**ОТЛУЧЕ'НИЕ** *ср.*: **отлуче́ние от це́ркви** *уст.* христиан дининен тышкары деп эсептөө, христиандыктан чыгарып жиберүү.

**ОТЛУЧИ'ТЬ** *сов.*: **отлучи́ть от це́ркви** *уст.* христиан дининен тышкары деп эсептөө, христиандыктан чыгарып жиберүү.

**ОТЛУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* убактылуу жок болуу, убактылуу бир жакка кетүү.

**ОТЛУ'ЧКА** *ж.* убактылуу жок болуу (кетүү), кетип калуу; **самово́льная отлу́чка** эч кимден сурабай өзүнчө кетип калуу.

**ОТЛЫ'НИВАТЬ** *несов. от чего, прост.* жалакайланып качуу, тайсалдоо; **отлы́нивать от рабо́ты** жумуштан жалакайланып качуу.

**ОТМА'ЛЧИВАТЬСЯ** *несов. разг.* үндөбөө, унчукпоо, жооп бербөө.

**ОТМА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **отмота́ть.**

**ОТМАХА'ТЬ** *сов. что, прост.* бир канчалык жер жүрүү; **отмаха́ть со́рок киломе́тров** кырк километр жол жүрүү.

**ОТМА'ХИВАТЬ** I *несов. см.* **отмаха́ть.**

**ОТМА'ХИВАТЬ** II *несов. см.* **отмахну́ть.**

**ОТМА'ХИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отмахну́ться.**

**ОТМАХНУ'ТЬ** *сов. кого-что* колду серпип айдоо, кол серпип кубалоо; **отмахну́ть мух** кол серпип чымын айдоо.

**ОТМАХНУ'ТЬСЯ** *сов. от кого-чего* 1. (*отогнать от себя*) кол серпип коргонуу; **отмахну́ться от осы́** кол серпип аарыдан коргонуу; 2. *перен. разг.* кол силкүү, кол шилтөө (*отказ кылып*); **отмахну́ться от предложе́ния** сунушту кабыл албай кол силкүү.

**ОТМА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **отмочи́ть.**

**ОТМЕЖЕВА'НИЕ** *ср.* 1. чек салып бөлүнүү; 2. *перен.* бөлүнүп чыгуу, обочолотуу, обочолонуу.

**ОТМЕЖЕВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*отделить межой*) чек салып бөлүү; **отмежева́ть уча́сток** участокту чек салып бөлүү; 2. *перен.* (*отделить, обособить*) бөлүү, бөлүп чыгаруу.

**ОТМЕЖЕВА'ТЬСЯ** *сов. от кого-чего* 1. (*отделиться межой*) чек салып бөлүнүү (*жер*); 2. *перен.* (*обособиться*) бөлүнүү, бөлүнүп чыгуу; 3. (*быть несогласным с чем-л.*)

www.bizdin.kg

макул болбогондугун билдирүү, келише албастыгын билдирүү; **отмежева́ться от оши́бочных мне́ний** жаңылыш пикирлер менен келише албастыгын билдирүү.

**ОТМЕЖЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **отмежева́ть.**

**ОТМЕЖЁВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отмежева́ться;** 2. *страд. к* **отмежёвывать.**

**О'ТМЕЛЬ** *ж.* сайроон, тайыздык, тайыз жер (*жээктен башталган тайыздык*); **песча́ная о́тмель** кумдуу тайыздык.

**ОТМЕ'НА** *ж.* жокко чыгаруу, токтотуу, калтыруу, алып таштоо; **отме́на крепостно́го пра́ва** крепостной укуктун жокко чыгарылышы, **отме́на пригово́ра** өкүмдү жокко чыгаруу; **отме́на спекта́кля** оюндун коюлбай калышы.

**ОТМЕНИ'ТЬ** *сов. что* жокко чыгаруу, токтотуу, калтыруу, алып таштоо; **отмени́ть прика́з** приказды жокко чыгаруу; **отмени́ть собра́ние** чогулушту калтырып коюу.

**ОТМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* эң жакшы; **отме́нная рабо́та** эң жакшы иш.

**ОТМЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **отмени́ть.**

**ОТМЕРЕ'ТЬ** *сов.* 1. куурап калуу, солуп кургоо, сенек болуп кургоо; **побе́ги о́тмерли** жаш бутактар куурап калды; 2. *перен.* жок болуу, жоюлуу; **ста́рые обы́чаи о́тмерли** эски адаттар жок болду.

**ОТМЕРЗА'ТЬ** *несов. см.* **отмёрзнуть.**

**ОТМЁРЗНУТЬ** *сов.* үшүү, үшүп кетүү, үшүп селейүү, тоңуу; **па́льцы отмёрзли** бармактар үшүп кетти; **молоды́е побе́ги отмёрзли** жаш чырпыктар үшүп кетти.

**ОТМЕ'РИВАНИЕ** *ср.* өлчөө, өлчөп белги салуу, ченөө, ченеп белги салуу.

**ОТМЕ'РИВАТЬ** *несов. см.* **отме́рить.**

**ОТМЕ'РИТЬ** *сов. что* өлчөө, ченөө, ченеп белги салуу; **отме́рить пять ме́тров полотна́** беш метр болотнай өлчөп алуу.

**ОТМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **отме́рить.**

**ОТМЕСТИ'** *сов. что* 1. шыпырып алыстатуу, шыпырып таштоо; **отмести́ сор в у́гол** акыр-чикирди шыпырып бурчка таштоо; 2. *перен.* (*отвергнуть*) четтетүү, жокко чыгаруу, ыргытып таштоо; **отмести́ до́воды проти́вника** душмандын далилдерин жокко чыгаруу.

**ОТМЕ'СТКА** *ж.*: **в отме́стку** *разг.* өч (кек) алып, өч (кек) катарында.

**ОТМЕТА'ТЬ** *несов. см.* **отмести́.**

**ОТМЕ'ТИНА** *ж.* ак чеке, төбөл, кашка; **коро́ва с отме́тиной на лбу́** кашка уй, маңдайында агы бар уй.

**ОТМЕ'ТИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*пометить*) белги салуу, белги кылуу; **отме́тить ну́жное ме́сто в кни́ге** китептин керектүү жерине белги салуу; 2. *что* (*указать*) белгилеп кетүү, айтып эскертүү; **отме́тить недоста́тки в рабо́те** иштеги кемчиликтерди белгилеп кетүү; **отме́тить** *чьи-л.* **достиже́ния** *бирөөнүн* жетишкендиктерин белгилеп кетүү; 3. *кого-что* (*наградить, отличить*) сыйлык берүү, ардактап көрсөтүү; **отме́тить передовико́в пре́мией** алдыңкы адамдарга сыйлык берүү.

**ОТМЕ'ТИТЬСЯ** *сов.* 1. катталуу, жазылуу, белги коюлуу; **отме́титься в ве́домости** ведомостко белги коюлуп катталуу; 2. (*выписаться*) үй китебинен чыгуу, өчүрүлүү (*кетпенде*).

**ОТМЕ'ТКА** *ж.* 1. (*действие*) белги салуу, белги кылуу, белги коюу, белги уруп коюу; 2. (*пометка*) белги, тамга; **сде́лать отме́тку в ве́домости** ведомостко белги коюу; 3. (*оценка*) баа, отметка; **получи́ть хоро́шую отме́тку на экза́мене** экзаменде жакшы баа (отметка) алуу.

**ОТМЕЧА'ТЬ** *несов. см.* **отме́тить.**

**ОТМЕЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отме́титься;** 2. (*обнаруживаться*) билинүү, сезилүү, көзгө урунуу; **отмеча́ются кру́пные успе́хи в те́хнике** техникада болгон ири ийгиликтер көзгө көрүнүп турат; 3. *страд. к* **отмеча́ть.**

**ОТМИРА'НИЕ** *ср.* 1. куурап калуу, куурап жок болуу, куурoo; **отмира́ние ста́рых ве́ток** эски бутактардын куурап калышы; 2. *перен.* (*исчезновение*) жок болуу, жоюлуу.

**ОТМИРА'ТЬ** *несов. см.* **отмере́ть.**

**ОТМОБИЛИЗОВА'ТЬ** *сов. что* мобилизациялап бүтүү; **отмобилизова́ть войска́** войсколорду мобилизациялап бүтүү.

**ОТМОБИЛИЗО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **отмобилизова́ть.**

**ОТМОКА'ТЬ** *несов. см.* **отмо́кнуть.**

**ОТМО'КНУТЬ** *сов.* жибүү, суугa чыланып коңторулуу (*мис. казандын кырмычыгы*).

**ОТМОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **отмолоти́ть.**

**ОТМОЛОТИ'ТЬ** *сов. что* эгинди бастырып бүтүү.

**ОТМОЛЧА'ТЬСЯ** *сов. разг.* унчукпай тим болуу, жооп бербөө.

**ОТМОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **отморо́зить.**

**ОТМОРО'ЗИТЬ** *сов. что* суукка алдыруу, үшүтүү, үшүтүп алуу; **отморо́зить щёки** бетти үшүтүп алуу.

**ОТМОТА'ТЬ** *сов. что, чего* оролгонду кайта чубоо; **отмота́ть ни́ток** түрүлгөн жипти кайта чубоо.

**ОТМОЧИ'ТЬ** *сов. что* 1. суулап чыгаруу, суу кылып бөлүү, суулап ажыратуу; **отмочи́ть пла́стырь** пластырды суулап чыгаруу; 2. (*размочить*) сууга салып жибитүү; **отмочи́ть ко́жу** терини сууга салып жибитүү.

**ОТМСТИ'ТЬ** *сов. уст. см.* **отомсти́ть.**

**ОТМУ'ЧИТЬСЯ** *сов. разг.* кыйноодон кутулуу, кыйноо токтолуу.

**ОТМЩЕ'НИЕ** *ср. уст.* кек алуу, өч алуу.

**ОТМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **отмы́ть.**

**ОТМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отмы́ться;** 2. *страд. к* **отмыва́ть.**

**ОТМЫКА'ТЬ** *несов. см.* **отомкну́ть.**

**ОТМЫКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отомкну́ться;** 2. *страд. к* **отмыка́ть.**

**ОТМЫ'ТЬ** *сов. что* жууп кетирүү, жууп тазартуу, кетире жууш; **отмы́ть ру́ки** колду жууп тазартуу; **отмы́ть грязь** кирди жууп кетирүү.

**ОТМЫ'ТЬСЯ** *сов.* жуулуу, жуулуп кетүү, жуугандан кетүү.

**ОТМЫ'ЧКА** *ж.* ачкыч, ачкыч ордуна жүрүүчү аспап.

**ОТМЯКА'ТЬ** *несов. см.* **отмя́кнуть.**

**ОТМЯ'КНУТЬ** *сов.* былпылдоо, жумшаруу, сууга чыланып былпылдоо; **ко́жи отмя́кли** тери сууга чыланып жумшарды.

**ОТНЕ'КИВАТЬСЯ** *несов. разг.* тайсалдоо, көнбөө.

**ОТНЕСЕ'НИЕ** *ср.* кошуу, катарына киргизүү, эсептөө, деп билүү, деп эсептөө; **отнесе́ние докуме́нта к 14 ве́ку** документти 14 кылымга таандык деп эсептөө.

**ОТНЕСТИ'** *сов. кого-что* 1. алып баруу, алып барып берүү, жеткирүү; **отнести́ кни́гу в библиоте́ку** китепти китепканага алып барып берүү; 2. (*напр. ветром, течением*) жылдырып барып салуу, сүрүп барып таштоо, агызып алып барып таштоо, агызып кетүү, учуруп кетүү; **ло́дку отнесло́ тече́нием на середи́ну реки́** суунун агыны кайыкты суунун ортосуна алып барып таштады; 3. *перен.* (*причислить, приписать*) кошуу, катарына киргизүү, эсептөө, деп билүү, деп эсептөө; **отнести́ ру́копись к 12 ве́ку** кол жазманы 12 кылымга таандык деп эсептөө; **отнести́ расхо́д на** *чей-л.* **счёт** чыгымды *бирөөнүн* эсебине киргизүү.

**ОТНЕСТИ'СЬ** *сов. к кому-чему* 1. кароо, мамилесин билдирүү; **врач отнёсся внима́тельно к больно́му** врач оорууну көңүл коюп жакшы карады; 2. *уст.* (*обратиться*) кайрылуу.

**ОТНИМА'ТЬ** *несов. см.* **отня́ть.**

**ОТНИМА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отня́ться;** 2. *страд. к* **отнима́ть.**

**ОТНОСИ'ТЕЛЬНО** 1. *нареч.* (*сравнительно*) бир аз, аздыр-көптүр; башкаларга караганда; **относи́тельно уда́чное реше́ние вопро́са** маселенин бир аз орундуу чечилиши; 2. *предлог с род. п.* тууралу, жөнүндө; **относи́-**

www.bizdin.kg

тельно его возвращения сведений нет анын кайтып келиши жөнүндө маалымат жок; относительно этого дела нам всё известно бул иш түуралу бизге бардыгы белгилүү.

**ОТНОСИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* салыштырмалуулук, башкалар менен салыштырып белгиленгичтик; теория относительности *физ.* салыштырмалуулук теориясы.

**ОТНОСИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. салыштырмалуу, башкалар менен салыштырып белгиленүүчү;- орточо, анчалык чоң эмес; относительная истина *филос.* салыштырмалуу чындык; относительная глубина орточо тереңдик; относительный успех анчалык чоң эмес ийгилик; 2. (*ограниченный, умеренный*) шарттуу, абсолют эмес, бир кубулушка (көрүнүшкө) багынычтуу, көп чоң эмес; он пользовался там относительным влиянием ал жерде анын анча-мынча таасири бар болучу; 3. *грам.* суроолуу эмес; относительное местоимение суроолуу эмес ат атооч (*мис. кимде-ким; ар неме*); относительные прилагательные катыштык сын атоочтор.

**ОТНОСИ'ТЬ** *несов. см.* отнести.

**ОТНОСИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* отнестись; 2. *к кому-чему* (*иметь отношение*) тийиштүү болуу, тиешелүү болуу, тийиши бар болуу, катышы бар болуу; это к делу не относится мунун ишке тиешеси жок; 3. *к чему, мат.* катыштуу; три относится к четырём как шесть к восьми алты сегизге катыштуу болгон сыяктуу эле, үч да төрткө катыштуу.

**ОТНОШЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*к кому-чему-л.*) мамиле; чуткое отношение камкордук менен мамиле кылуу; 2. (*взаимная связь*) катыш; отношение между двумя величинами эки чоңдуктун ортосундагы катыш; 3. отношения *мн.* (*взаимное общение*) мамиле; дружеские отношения достук мамиле; производственные отношения өндүрүштүк мамиле; дипломатические отношения дипломатиялык мамиле; 4. (*официальная бумага*) отношение (*бир мекемеден экинчи мекемеге жиберилүүчү иш кагазы*); ◇ в отношении *кого-чего-л.*, по отношению *к кому-чему-л.* бирөө, бир нерсе жөнүндө (караганда); во всех отношениях бардык жагынан; в этом отношении бул жагынан, бул түуралу, бул жөнүндө.

**ОТНЫ'НЕ** *нареч. уст.* мындан ары, мындан кийин, ушу убактан тартып.

**ОТНЮ'ДЬ** *нареч.* түк да, эч бир, тегеле, тап-такыр; отнюдь нет такыр андай эмес.

**ОТНЯ'ТИЕ** *ср.* 1. (*действие*) тартып алуу, алып коюу, зордоп алуу; 2. (*ампутация*) кесип таштоо (*мис. оорулуу бутту*).

**ОТНЯ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* тартып алуу, алып коюу, зордоп алуу; отнять книгу китепти тартып алуу; отнять лестницу от стены шатыны дубалдан алып коюу; отнять много времени *у кого-л.* бирөөнүн көп убактын алуу; отнять надежду үмүтүн үздүрүү, ишенчин кетирүү; 2. *что* (*ампутировать*) кесип таштоо; отнять ногу бутту кесип таштоо; 3. *что, мат.* алуу; от двадцати отнять десять жыйырмадан онду алуу; ◇ отнять ребёнка от груди баланы эмчектен чыгаруу.

**ОТНЯ'ТЬСЯ** *сов.* байлануу (*мис. тил*); шал болуу; у него ноги отнялись анын буттары шал болду; у меня язык отнялся менин тилим байланып калды.

**ОТО** *предлог см.* от.

**ОТО-** *приставка см.* от-.

**ОТОБЕ'ДАТЬ** *сов.* 1. (*кончить обедать*) түшкү тамакты ичип бүтүү, обед кылып бүтүү; 2. *уст.* (*пообедать*) обед ичүү, түшкү тамакты ичүү; приходите к нам отобедать биздикине обед ичүүгө келиңиз.

**ОТОБРАЖА'ТЬ** *несов. см.* отобразить.

**ОТОБРАЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. отобразиться; 2. *страд. к* отображать.

**ОТОБРАЖЕ'НИЕ** *ср.* (*действие*) көрсөтүү, элестетүү, элестетилүү, элес менен сүрөтүн көрсөтүү; верное отображение элесин сүрөттөп туура көрсөтүү; точное отображение так элестетүү, так элестетилүү.

**ОТОБРАЗИ'ТЬ** *сов. кого-что* көрсөтүү, элестетүү, сүрөттөө.

**ОТОБРАЗИ'ТЬСЯ** *сов.* көрсөтүлүү, элестелүү, элес менен сүрөттөлүү.

**ОТОБРА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*взять обратно*) кайтып алып коюу; отобрать билеты у пассажиров пассажирлердин билетин алып коюу; 2. (*силой*) тартып алуу; зордук кылып алуу, күчкө салып алуу; 3. (*выбрать*) ылгап алуу, тандап алуу; отобрать нужные вещи в дорогу жолго керектүү болгон буюмдарды тандап алуу; ◇ отобрать показания свидетелей *юр.* күбөөлөрдү суроо.

**ОТОВА'РИВАНИЕ** *ср.* товар берүү, товар сатуу, отоваривание (*милдеттенмени орундаганы үчүн товар берүү, товар менен камсыз кылуу*).

**ОТОВА'РИВАТЬ** *несов. см.* отоварить.

**ОТОВА'РИТЬ** *сов. что* товар берүү, товар сатуу, отоваривать этүү (*милдеттенмени орундаганы үчүн товар берүү, товар менен камсыз кылуу*).

**ОТОВСЮ'ДУ** *нареч.* туш-туштан, ар тараптан; отовсюду поступают сведения туш-туштан кабарлар келип жатат.

**ОТОГНА'ТЬ** I *сов.* 1. *кого-что* (*прогнать*) кууп жиберүү, айдап жиберүү; отогнать мух чымындарды айдап жиберүү; 2. *что, перен.* кетирүү; отогнать грустные мысли кайгылуу ойлорду кетирүү.

**ОТОГНА'ТЬ** II *сов. что* тартып чыгаруу, кайнатып чыгаруу; отогнать скипидар скипидарды тартып чыгаруу.

**ОТОГНУ'ТЬ** *сов. что* ийилгенин жазуу, ийрейгенин түзөтүү, бүгүлгөнүн жазуу, кайыруу; отогнуть ковёр килемдин бүгүлгөнүн жазуу.

**ОТОГНУ'ТЬСЯ** *сов.* ийрейгени жазылуу, ийриси түзөлүү, бүгүлгөнү жазылуу.

**ОТОГРЕВА'ТЬ** *несов. см.* отогреть.

**ОТОГРЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* отогреться; 2. *страд. к* отогревать.

**ОТОГРЕ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. жылытуу; отогреть замёрзшие ноги үшүгөн бутту жылытуу; 2. *перен.* бооруна тартуу, багуу (*мис. жетим баланы*).

**ОТОГРЕ'ТЬСЯ** *сов.* жылынуу, жылуу, жылынып алуу.

**ОТОДВИГА'ТЬ** *несов. см.* отодвинуть.

**ОТОДВИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* отодвинуться; 2. *страд. к* отодвигать.

**ОТОДВИ'НУТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жылдыруу, жылдырып коюу; отодвинуть стул в сторону стулду четке жылдырып коюу; 2. *что, перен. разг.* (*отсрочить*) узартуу, артка жылдыруу, кийинкиге калтыруу; отодвинуть сроки сроктору узартуу.

**ОТОДВИ'НУТЬСЯ** *сов.* 1. жылуу, козголуу, бир жакка жылуу; отодвинуться к стене стенаны көздөй жылуу; 2. *перен. разг.* узартылуу, артка жылдырылуу, кийинкиге калтырылуу; сроки отодвинулись сроктор узартылды.

**ОТОДРА'ТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*оторвать*) сыйруу, сыйрып алуу (*мис. кабыкты*); 2. *кого* (*высечь*) сабоо, абдан уруу (*мис. камчы менен*).

**ОТОДРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* сыйрылуу, сыйрылып калуу, жыртылып түшүү.

**ОТОЖДЕСТВИ'ТЬ** *сов. см.* отожествить.

**ОТОЖДЕСТВЛЕ'НИЕ** *ср. см.* отожествление.

**ОТОЖДЕСТВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* отожествить.

**ОТОЖЕСТВИ'ТЬ** *сов. кого-что* окшоштуруу, окшотуу, бирдей деп билүү, окшош деп билүү, так ошонун өзүндөй деп табуу; отожествить два понятия эки түшүнүктү окшоштуруу, эки түшүнүктү бирдей деп билүү.

**ОТОЖЕСТВЛЕ'НИЕ** *ср.* окшоштуруу, окшотуу, бирдей деп билүү, окшош деп билүү, так ошонун өзүндөй деп табуу.

**ОТОЖЕСТВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* отожествить.

www.bizdin.kg

**ОТОЗВА'НИЕ** *ср.* кайта чакырып алуу; **отозва́ние свои́х представи́телей** өз өкүлдөрүн кайта чакырып алуу.

**ОТОЗВА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. чакырып алуу; **отозва́ть** *кого-л.* **в сто́рону** *бирөөну* четке чакырып алуу; 2. кайта чакырып алуу; **отозва́ть посла́** элчини кайта чакырып алуу; **отозва́ть своего́ представи́теля** өз окулун кайта чакырып алуу.

**ОТОЗВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*откликнуться*) үн берүү, добуш кайтаруу, жооп кайтаруу, ыялоо, ыя деп жооп кайтаруу; **отозва́ться на зов** чакырыкка ыя деп жооп кайтаруу; 2. *о ком-чём* сөз айтуу, бирөө тууралу кандайдыр бир пикирди айтуу; **хорошо́ отозва́ться о кни́ге** китеп жөнүндө жакшы пикир айтуу; **тепло́ отозва́ться** *о ком-л. бирөө жөнүндө* жакшы сөз айтуу; 3. (*сказаться*) таасир кылуу, салдары тийүү; **куре́ние на нём пло́хо отозва́лось** тамеки тартуу ага жаман таасир кылды; **переутомле́ние отозва́лось на его́ здоро́вье** өтө чарчагандык анын саламаттыгына таасир кылды.

**ОТОЙТИ'** *сов.* 1. четке баруу, четке чыгуу, четке барып туруу, мындайраак болуу, обочолоо; **отойти́ в сто́рону** четке чыгып туруу; **отойти́ к окну́** терезе жакка барып туруу; **отойти́ от две́ри** эшиктен мындайраак болуу; 2. (*отправиться*) жөнөп кетүү, жүрүп кетүү; **по́езд отошёл в час дня** поезд күндүзгү саат бирде жөнөп кетти; 3. *от кого-чего* (*отклониться*) четке чыгуу, алыстоо, четтөө (*мис. темадан*); **отойти́ от пре́жних взгля́дов** баштагы көз карашынан баш тартуу; 4. (*отстать, отделиться*) ажыроо, бөлүнүп калуу, сыйрылып калуу; **обо́и отошли́ от штукату́рки** обой шыбактан сыйрылып калды; 5. (*исчезнуть*) кетүү, жуулуу, жуулуп кетүү; **пятно́ отошло́** так кетти; 6. *разг.* (*прийти в обычное состояние*) эсине келүү, эс алуу, калыбына келүү; **ру́ки отошли́ от хо́лода** үшүгөн колдор жылыды; 7. (*отступить*) чегинүү, артка чегинүү; **ро́та отошла́ на ра́нее подгото́вленные пози́ции** рота башта даярдап коюлган позицияга чегинди; ◇ **дом отошёл к сы́ну** үй уулуна тийди; **отойти́ в про́шлое** эскирип унутулуп калуу.

**ОТОМКНУ'ТЬ** *сов. что* 1. *разг.* (*отпереть*) ачуу; кулпусун ачуу; 2. чыгаруу (*бекитилген нерсени чыгаруу*); **отомкну́ть штык** штыкты чыгаруу.

**ОТОМКНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*открыться*) ачылуу (*кулпу*); 2. (*напр. о штыке*) чыгарылуу (*мылтыктын штыгы*).

**ОТОМСТИ'ТЬ** *сов. кому* кек алуу, өч алуу.

**ОТОПИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **отопление**-*ге т.*; **отопи́тельная систе́ма** жылытуу системасы; **отопи́тельные при́боры** жылытуу приборлору; **отопи́тельный сезо́н** от жагуу сезону, жылытуу сезону.

**ОТОПИ'ТЬ** *сов. что* жылытуу, от жагуу, от жагып жылытуу; **отопи́ть дом** от жагып үйдү жылытуу.

**ОТОПЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жылытуу, от жагуу, от жагып жылытуу; 2. (*система*) жылытуу, жылытуу системасы, от жагуу системасы; **паро́вое отопле́ние** буу менен жылытуу; **центра́льное отопле́ние** от жагып жылытуунун борбордук системасы; **дровяно́е отопле́ние** жыгач отун жагып жылытуу; **ремо́нт отопле́ния** от жагуу системасын ремонттоо.

**ОТОПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **отопи́ть.**

**ОТОРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **оторочи́ть.**

**ОТО'РВАННО** *нареч.* бөлөк, башка, айрым, ажырап калган түрдө.

**ОТО'РВАННОСТЬ** *ж.* жалгызчылык, обочолук, байланыштын жоктугу, ажырап калгандык, байланышсыздык; **отo'рванность от наро́дных масс** эл массаларынан ажырап калгандык.

**ОТО'РВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **оторва́ть;** 2. *прил.* үзүлгөн; 3. *прил. перен. разг.* турмуштан ажыраган; байланышы жок, жалгыз, обочо.

**ОТОРВА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*рывком*) үзүү, үзүп алуу, жулкуу; **оторва́ть пу́говицу** топчуну үзүп алуу; 2. *перен.* (*отнять, отстранить*) алагды кылуу, көңүлүн бөлүү, алуу; **оторва́ть глаза́ от кни́ги** китептен көзүн алуу; **оторва́ть** *кого-л.* **от рабо́ты** *бирөөну* ишинен алагды кылуу; 3. *перен.* (*разлучить*) ажыратуу, бөлүү, айыруу; **война́ оторвала́ его́ от семьи́** согуш аны үй-бүлөсүнөн айырды.

**ОТОРВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. *от чего* үзүлүү, үзүлүп кетүү, жулунуу, жулунуп кетүү; **лист оторва́лся от ве́тки** жалбырак бутактан үзүлдү; **пу́говица оторвала́сь** топчу үзүлүп кетти; 2. *от чего, перен.* таштап коюу, алагды болуу; **оторва́ться от заня́тий** иштен алагды болуу; 3. *от кого-чего, перен.* (*отвлечься*) ажыроо, ажырап калуу, бөлүнүү, бөлүнүп айрылуу, калуу, байланышты жоготуу; **оторва́ться от наро́да** элден бөлүнүп калуу; **оторва́ться от масс** массадан ажырап калуу; 4. *от чего, перен.* көтөрүлүү, учуп кетүү; **самолёт оторва́лся от земли́** самолёт жерден көтөрүлдү; ◇ **нельзя́ оторва́ться** көзду айыра албайсың.

**ОТОРОПЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* шашкалактаган, шашып-бушкан, шашкан; **оторопе́лый вид** шашкалактаган түр.

**ОТОРОПЕ'ТЬ** *сов. разг.* шашып калуу, шашып кетүү, шашкалактоо; **оторопе́ть от неожи́данности** күтпөгөндүктөн шашып калуу.

**О'ТОРОПЬ** *ж. разг.* аптырагандык, шашкалактагандык, шашып-бушкандык, шашкандык.

**ОТОРОЧИ'ТЬ** *сов. что* жээктеп бастыруу, жээктете бастырып тигүү, кармоо, кыюу кармоо; **оторочи́ть пальто́ ме́хом** пальтого мех кармоо.

**ОТОРО'ЧКА** *ж.* кармалган жээк; **мехова́я оторо́чка** мехтен кармалган жээк (*кийимдин жээгине кармалган мех; мис. кундуз, көрпө*).

**ОТОСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*отправить*) жиберүү, жөнөтүү; **отосла́ть кни́гу по́чтой** китепти почта аркылуу жиберүү; **отосла́ть де́ньги по телегра́фу** акчаны телеграф аркылуу жиберүү; 2. (*удалить*) жиберүү, кетирүү, чыгаруу; **он отосла́л дете́й в сад** ал балдарды бакка жиберди; 3. (*предложить справиться*) жиберүү, «паланды кара» деп көрсөтүү; **в конце́ кни́ги а́втор отосла́л чита́телей к свое́й бо́лее ра́нней рабо́те** китептин аягында автор окуучуларды өзүнүн бир кыйла мурда чыккан эмгегин «карагыла» деп көрсөттү; **отосла́ть посети́теля в друго́й отде́л** келген кишини башка бөлүмгө жиберүү.

**ОТОСПА'ТЬСЯ** *сов.* уйкуну кандыра уктоо, кана уктоо; **отоспа́ться по́сле доро́ги** жол жүрүп келгенден кийин уйкуну кандыра уктоо.

**ОТОЩА'ТЬ** *сов.* арыктоо, жабыгуу, азуу.

**ОТПАДА'ТЬ** *несов. см.* **отпа́сть.**

**ОТПАДЕ'НИЕ** *ср.* түшүп калуу, коңторулуп түшүү, урап түшүү, бөлүнүп түшүп калуу.

**ОТПА'ИВАТЬ** I *несов. см.* **отпои́ть.**

**ОТПА'ИВАТЬ** II *несов. см.* **отпая́ть.**

**ОТПА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отпая́ться;** 2. *страд. к* **отпа́ивать** II.

**ОТПА'РИВАНИЕ** *ср.* 1. үстүнө суу чүпүрөк салып туруп үстүнөн ысык үтүк жүргүзүү; 2. бууга кармап жумшартуу.

**ОТПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **отпа́рить.**

**ОТПАРИ'РОВАТЬ** *сов. что* кайта кагуу; **отпари́ровать уда́р** соккуну кайта кагуу; **отпари́ровать возраже́ние** каршылык айтууну кагуу.

**ОТПА'РИТЬ** *сов. что* 1. (*отутюжить*) үстүнө суу чүпүрөк салып туруп, үстүнөн ысык үтүк менен басуу; **отпа́рить ю́бку** юбканы үстүнө суу чүпүрөк салып туруп, үстүнөн ысык үтүк менен басуу; 2. (*размягчить паром*) бууга кармап жумшартуу.

**ОТПА'РЫВАТЬ** *несов. см.* **отпоро́ть.**

**ОТПА'РЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отпоро́ться;** 2. *страд. к* **отпа́рывать.**

**ОТПА'СТЬ** *сов.* 1. түшүп калуу, коңторулуп түшүү, урап түшүү, бөлүнүп түшүп калуу; **штукату́рка отпа́ла**

www.bizdin.kg

шыбак конторулуп түштү; 2. (*выделиться*) бөлүнүү, бөлүнүп чыгуу; **отпа́сть от организа́ции** уюмдан бөлүнүп чыгуу; 3. калып калуу, жараксыз болуп калуу; **все его́ возраже́ния отпа́ли** анын каршылыктарынын бардыгы жараксыз болуп калды; **у нас отпа́ла охо́та говори́ть с ним** аны менен сүйлөшүүдөн биздин көңүлүбүз калып калды.

**ОТПАЯ'ТЬ** *сов. что* каңынан ажыратуу, данекерин ажыратуу.

**ОТПАЯ'ТЬСЯ** *сов.* данекери чыгып кетүү, каңы чыгуу, каңы ажырап кетүү; **ру́чка ча́йника отпая́лась** чайнектин туткасынын данекери чыгып кетти.

**ОТПЕВА'НИЕ** *ср. церк.* жаназа, жаназа окуу (*христиандарда*).

**ОТПЕВА'ТЬ** *несов. см.* **отпе́ть** 2.

**ОТПЕРЕ'ТЬ** *сов. что* ачуу, кулпуну ачуу; **отпере́ть ко́мнату** бөлмөнү ачуу; **отпере́ть шкаф** шкафты ачуу.

**ОТПЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. ачылуу, кулпусу ачылуу; **дверь легко́ отперла́сь** эшиктин кулпусу оңой эле ачылды; 2. *от чего, разг.* (*отказаться*) тануу, моюнга албоо; **отпере́ться от свои́х слов** өзүнүн айтканын тануу.

**ОТПЕ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **отпе́ть**; 2. *прил. разг.* түзөлгүс, түзөлбөс, ашынган, барып турган, оңолгус; **отпе́тый челове́к** түзөлбөс киши; **отпе́тый реакционе́р** ашынган реакционер.

**ОТПЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*кончить петь*) ырдап бүтүү, кыйкырып бүтүү; **петухи́ уже́ отпе́ли** короздор кыйкырып бүттү; 2. *кого, церк.* жаназа окуп бүтүү (*христиандарда*).

**ОТПЕЧА'ТАТЬ** *сов. что* 1. басып чыгаруу, басмадан басып чыгаруу; **отпеча́тать весь тира́ж кни́ги** китептин бардык тиражын басып чыгаруу; 2. (*оставить след, отпечаток*) из калтыруу, тагын түшүрүү; **отпеча́тать па́льцы на стекле́** айнекке бармактын тагын түшүрүү; 3. *разг.* (*снять печать*) печатын бузуп ачуу, печатын алып салуу; **отпеча́тать ко́мнату** печатын алып бөлмөнү ачуу.

**ОТПЕЧА'ТАТЬСЯ** *сов.* из калуу, так түшүү; **на песке́ отпеча́тались чьи́-то следы́** кумда бирөөнүн изи калыптыр.

**ОТПЕЧА'ТОК** *м.* 1. из, так (*бир нерсенин бетине түшкөн из*); **отпеча́ток па́льца** бармактын тагы; 2. *перен.* из, калдык (*эстен чыкпай калган, эски из, так болуп туруп калган*); **отпеча́ток вре́мени** убакыттын эстен кетпей калган калдыгы; **накла́дывать** *на что-л.* **свой отпеча́ток** *бир нерсеге* өзүнүн тагын калтыруу.

**ОТПЕЧА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **отпеча́тать.**

**ОТПЕЧА'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отпеча́таться;** 2. *страд. к* **отпеча́тывать.**

**ОТПИВА'ТЬ** *несов. см.* **отпи́ть.**

**ОТПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **отпили́ть.**

**ОТПИЛИ'ТЬ** *сов. что* араалап кесүү, араа менен кесип алуу, таарып кесүү.

**ОТПИРА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* тануу, моюнга албоо, жашыруу, айткысы келбөө.

**ОТПИРА'ТЬ** *несов. см.* **отпере́ть.**

**ОТПИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отпере́ться;** 2. *страд. к* **отпира́ть.**

**ОТПИСА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жазуу жүзүндө курулай жооп кайтаруу.

**ОТПИ'СКА** *ж.* куру жооп жазуу, жазуу жүзүндө берилген курулай жооп; **канцеля́рская отпи́ска** канцелярдык куру жооп жазуу.

**ОТПИ'СЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **отписа́ться.**

**ОТПИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, чего* (*немного*) бир аз ичүү, кичине ичүү; **отпи́ть из стака́на** стакандан кичине ичүү; 2. *что, разг.* (*кончить пить*) ичип бүтүү; **уже́ чай отпи́ли, когда́ он пришёл** ал келгенде, чайды ичип бүтүп коюшкан эле.

**ОТПИ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **отпихну́ть.**

**ОТПИХНУ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* түртүп жиберүү, итерип жиберүү; **отпихну́ть ло́дку от бе́рега** кайыкты жээктен түртүп жиберүү.

**ОТПИХНУ'ТЬСЯ** *сов. от кого-чего, разг.* тиреп, түртүп жүрүп кетүү, козголуу; **отпихну́ться весло́м от бе́рега** калак менен жээкти тиреп, түртүп жүрүп кетүү.

**ОТПЛА'ТА** *ж.* эсесин кайтаруу.

**ОТПЛАТИ'ТЬ** *сов. кому-чему чем* кайтаруу (*мис. жакшылыкка жакшылык же жакшылыкка жамандык ж. б.*).

**ОТПЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **отплати́ть.**

**ОТПЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **отплю́нуть.**

**ОТПЛЁВЫВАТЬСЯ** *несов.* түкүрүнүү.

**ОТПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **отплы́ть.**

**ОТПЛЫ'ТИЕ** *ср.* жөнөп кетүү, жолго чыгуу; **парохо́д гото́в к отплы́тию** пароход жолго чыгууга даяр.

**ОТПЛЫ'ТЬ** *сов.* 1. (*отправиться — о пароходе*) жөнөп кетүү, жолго чыгуу; **парохо́д отплы́л днём** пароход күндүз жөнөп кетти; 2. (*плывя удалиться*) сүзүп алыстоо, арылоо, чабак уруп четтөө; **отплы́ть от бе́рега** сүзүп жээктен алыстоо.

**ОТПЛЮ'НУТЬ** *сов. что* четке түкүрүү; **отплю́нуть шелуху́** кабыкты четке түкүрүү.

**ОТПЛЯ'СЫВАТЬ** *несов. что, разг.* кызып бийлөө, кызыгып бийлөө.

**О'ТПОВЕДЬ** *ж.* жактырбаган катуу жооп.

**ОТПОИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*вырастить*) ичирип багып чоңойтуу (*мис. козуну, музоону, сүт ичирип чоңойтуу*); **отпои́ть телёнка** музоону сүт берип багып чоңойтуу; 2. *разг.* (*вылечить*) ичирип айыктыруу; **отпои́ть валерья́нкой** валерьянка ичирип айыктыруу.

**ОТПОЛА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **отполоска́ть.**

**ОТПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **отползти́.**

**ОТПОЛЗТИ'** *сов.* эмгектеп кетүү, боору менен жылып алыстоо, сойлоп кетүү.

**ОТПОЛИРОВА'ТЬ** *сов. что* жылмалоо, жылмартуу, жыпжылма кылуу; **отполирова́ть ме́бель** мебелди жыпжылма кылуу.

**ОТПОЛОСКА'ТЬ** *сов. что* 1. чайкоо, чайкап кетирүү; **отполоска́ть бельё** кир чайкоо; 2. (*кончить полоскать*) чайкап бүтүү.

**ОТПО'Р** *м.* сокку; **вооружённый отпо́р** куралдуу сокку; **получи́ть отпо́р** сокку жеш; **дать отпо́р** сокку берүү; **сокруши́тельный отпо́р** кыйраткыч сокку.

**ОТПОРО'ТЬ** *сов. что* сөгүү, тигишти сөгүү; **отпоро́ть воротничо́к** жаканы сөгүп алуу.

**ОТПОРО'ТЬСЯ** *сов.* сөгүлүү, сөгүлүп калуу; **карма́н отпоро́лся** чөнтөк сөгүлүп калыптыр.

**ОТПОТЕВА'ТЬ** *несов. см.* **отпоте́ть.**

**ОТПОТЕ'ТЬ** *сов. разг.* тердөө, тер басуу, буудан суу болуп кетүү (*мис. айнектин бети, тамдын боору*).

**ОТПОЧКОВА'НИЕ** *ср. биол.* бүрдөп чыгуу, тармактанып чыгуу, бөлүнүп чыгуу.

**ОТПОЧКОВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. *биол.* бүрдөп жаңы өсүмдүк чыгуу, тармактанып жаңы өсүмдүк чыгуу; 2. *перен.* бөлүнүп чыгуу.

**ОТПОЧКО'ВЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **отпочкова́ться.**

**ОТПРАВИ'ТЕЛЬ** *м.* жиберүүчү, жөнөтүүчү; **отправи́тель гру́зов** жүктөрдү жиберүүчү; **отправи́тель де́нег** акча жиберүүчү.

**ОТПРАВИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **отправи́тель.**

**ОТПРА'ВИТЬ** *сов. кого-что* жиберүү, жөнөтүү; **отпра́вить пи́сьма** каттарды жиберүү; **отпра́вить кни́ги по́чтой** китептерди почта аркылуу жиберүү; **отпра́вить дете́й в пионерла́герь** балдарды пионер лагерине жиберүү.

**ОТПРА'ВИТЬСЯ** *сов.* жөнөө, кетүү; **отпра́виться гуля́ть** сейилдикке кетүү; **отпра́виться на ре́чку** сууну көздөй кетүү.

**ОТПРА'ВКА** *ж.* жиберүү, жөнөтүү; **отпра́вка посы́лок** посылкаларды жөнөтүү.

**ОТПРАВЛЕ'НИЕ** I *ср.* 1. (*действие*) жиберүү, жөнөтүү, жөнөө, кетүү; **отправле́ние по́езда** поезддин жөнө-

www.bizdin.kg

шу; 2. (*почтовое*) жиберилүүчү, жөнөтүлүүчү; **заказно́е отправле́ние** заказной кылып жиберилүүчү (*мис. кат*).

**ОТПРАВЛЕ'НИЕ** II *ср.* 1. *чаще мн., физиол.* иштеш, иш, кызмат; **отправле́ния органи́зма** организмдин кызматы; 2. (*исполнение*) аткаруу, орундоо; **отправле́ние обя́занностей** милдеттерди аткаруу.

**ОТПРАВЛЯ'ТЬ** I *несов. см.* **отпра́вить.**

**ОТПРАВЛЯ'ТЬ** II *несов. что* (*выполнять, осуществлять*) аткаруу, орундоо; **отправля́ть до́лжность** *офиц.* кызмат аткаруу.

**ОТПРАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отпра́виться; отправля́йся домо́й сейча́с же** азыр эле үйгө жөнөгүн; 2. *от кого-чего, перен.* (*исходить*) негиз кылып алуу; **отправля́ться от прове́ренных да́нных** текшерилген маалыматтарды негиз кылып алуу; 3. *страд. к* **отправля́ть.**

**ОТПРАВНО'Й,** -а́я, -о́е 1. жөнөмө, жөнөтө турган; **отправно́й пункт путеше́ствия** саякатка жөнөө пункту; 2. *перен.* негиз кылып алынган; **отправно́й пункт рассужде́ний** пикир алмашуунун негизи кылып алынган пункту.

**ОТПРА'ЗДНОВАТЬ** *сов. что* 1. майрамдоо, майрам өткөрүү; **отпра́здновать оконча́ние институ́та** институтту бүткөндүгүн майрамдоо; 2. (*кончить праздновать*) майрамдап бүтүү.

**ОТПРА'ШИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отпроси́ться.**

**ОТЧИЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отчиститься;** 2. *страд. к* **отчищать.**

**ОТЧУЖДА'ТЬ** *несов. что, юр.* ээликтен ажыратуу, менчиктүү мүлкүн алып коюу (*бирөөнүн мүлкүн менчигинен ажыратып өкмөткө же коомдук уюмга өткөрүү*).

**ОТЧУЖДЕ'НИЕ** I *ср. юр.* ээликтен ажыратуу, менчиктүү мүлкүн алып коюу; **отчуждение собственности в пользу государства** менчиктүү мүлкүн мамлекеттин пайдасына алуу; ◇ **полоса отчуждения** *ж.-д.* темир жолдун карамагындагы жол бойлогон тилке жер.

**ОТЧУЖДЕ'НИЕ** II *ср.* арасы алыстоо, мамилеси үзүлүү.

**ОТЧУЖДЁННО** *нареч.* арасы алыстап, мамилеси үзүлгөндөй болуп.

**ОТЧУЖДЁННОСТЬ** *ж.* арасы алыстагандык, мамилеси болбой калгандык.

**ОТЧУЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое ээликтен ажыратылган, менчиктен ажыратылган.

**ОТШАГА'ТЬ** *сов. что, разг.* жол басуу (*жөө*); **мы отшагали сегодня десять километров** биз бүгүн он километр жол бастык.

**ОТШАГНУ'ТЬ** *сов. разг.* бир кадам шилтөө; **отшагнуть влево** сол жакка бир кадам шилтөө.

**ОТШАТНУ'ТЬ** *сов.* 1. *что* теңселтүү; 2. *кого-что, перен.* качыруу, оолактатуу, өзүнөн качыруу, өзүнөн алыстатуу.

**ОТШАТНУ'ТЬСЯ** *сов. от кого-чего* 1. кийин боло түшүү, чалкалай түшүү, кетенчиктей түшүү; **отшатнуться от раскалённой плиты** кызарып ысыган плитадан кетенчиктей түшүү; 2. *перен.* качуу, четтөө, катышпай калуу, мамилени үзүү; **отшатнуться от прежнего друга** баштагы досунан четтөө.

**ОТША'ТЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **отшатнуться.**

**ОТШВЫ'РИВАТЬ** *несов. см.* **отшвырнуть.**

**ОТШВЫРНУ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* ыргытып жиберүү, ыргытып ийүү; **отшвырнуть камень с дороги** ташты жолдон алып ыргытып жиберүү.

**ОТШЕ'ЛЬНИК** *м.* 1. *уст.* дербиш, календер (*көбүнчө диний фанатизмдик көз карашта болгондуктан, элден безип, жалгыз тиричилик кылган адам*); 2. *перен.* элден безип жалгыз жашаган адам.

**ОТШЕ'ЛЬНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **отшельник** 1-*ге т.*; 2. *перен.* элден безип, жападан-жалгыз жашаган.

**ОТШЕ'ЛЬНИЧЕСТВО** *ср.* 1. *уст.* дербиштик, календерлик; 2. *перен.* элден безип, жападан-жалгыз жашоочулук.

www.bizdin.kg

**ОТШИ'Б** *м.*: **на отшибе** *разг.* четте, оолак, окчун; **изба стоя́ла на отши́бе** үй окчун турду.

**ОТШИБА'ТЬ** *несов. см.* **отшиби́ть.**

**ОТШИБИ'ТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*отбить*) уруп сындыруу; 2. (*ушибить*) уруп оорутуп алуу; 3. (*отбросить ударом*) кайта кагуу, кайта уруу; ◇ **у меня́ па́мять отшибло** мен унутчаак болуп калдым.

**ОТШЛЁПАТЬ** *сов. кого, разг.* сабоо, уруу (*кол менен*).

**ОТШЛИФО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **отшлифова́ть;** 2. *прил.* жылмаланган, жылмартылган, сүрүлүп жылмаланган.

**ОТШЛИФОВА'ТЬ** *сов. что* 1. жылмалоо, жылмартуу, сүрүп жылмалоо, сылап тегиздөө; 2. *перен.* оңдоо, түзөтүү, жакшыртуу, жатык кылуу, сулуулоо.

**ОТШЛИФОВА'ТЬСЯ** *сов.* жылмалануу, жылмартылуу, жылмакайлануу; **грани́т хорошо́ отшлифова́лся** гранит жакшы жылмакайланды.

**ОТШЛИФО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **отшлифова́ть.**

**ОТШЛИФО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отшлифова́ться;** 2. *страд. к* **отшлифо́вывать.**

**ОТШПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **отшпи́лить.**

**ОТШПИ'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отшпи́литься;** 2. *страд. к* **отшпи́ливать.**

**ОТШПИ'ЛИТЬ** *сов. что, разг.* төөнөлгөнүн чыгаруу, төөнөөсүн чыгаруу.

**ОТШПИ'ЛИТЬСЯ** *сов. разг.* төөнөлгөнү чыгуу, төөнөөсү чыгып кетүү; **бант отшпи́лился** банттын төөнөлгөнү чыгып кетти.

**ОТШТАМПОВА'ТЬ** *сов. что, тех.* штамптоо (*штампка, калыпка салып жалпак металлдардан буюмдар жасоо*).

**ОТШТУКАТУ'РИТЬ** *сов. что* штукатуркалап коюу, шыбап коюу, шыбап бүтүү (*мис. тамды*).

**ОТШУМЕ'ТЬ** *сов.* дуусу бүтүү, чуусу бүтүү; **отшуме́ли сраже́ния** салгылашуулардан чуусу бүттү.

**ОТШУТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* тамашалап жооп берүү, тамашага салып кутулуп кетүү.

**ОТШУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов. см.* **отшути́ться.**

**ОТЩЕПЕ'НЕЦ** *м.* элден чыгып калган, коомдон чыгып калган, азгын, бозгун.

**ОТЩЕПИ'ТЬ** *сов. что* жаруу, майдалап жаруу; **отщепи́ть лучи́ну** тамызгы жаруу.

**ОТЩЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **отщепи́ть.**

**ОТЩИПА'ТЬ** *сов. что* чымчып жулуу, чымчып үзүп алуу.

**ОТЩИПНУ'ТЬ** *однокр. что, чего* чымчып үзүп алуу (*бир жолу*); **отщипну́ть кусо́чек хле́ба** нандан кичине чымчып үзүп алуу.

**ОТЩИ'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **отщипа́ть, отщипну́ть.**

**ОТЪ-** *приставка см.* **от-.**

**ОТЪЕДА'ТЬ** *несов. см.* **отъе́сть.**

**ОТЪЕДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отъе́сться;** 2. *страд. к* **отъеда́ть.**

**ОТЪЕ'ЗД** *м.* кетүү, жолго чыгуу, жөнөө; **неожи́данный отъе́зд** күтпөгөн жерден (капысынан) жолго чыгуу.

**ОТЪЕ'ЗДИТЬ** *сов.* 1. *что* белгилүү мезгилди жол жүрүп өткөрүү; **отъе́здить свой срок** өзүнүн мөөнөтүн жол жүрүп өткөрүү; 2. (*кончить ездить*) жол жүрүп бүтүү.

**ОТЪЕЗЖА'ТЬ** *несов. см.* **отъе́хать.**

**ОТЪЕЗЖА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **отъезжа́ть;** 2. *прил. и в знач. сущ. м., ж.* кетүүчү, бир жакка жөнөөчү; **про́воды отъезжа́ющих** кетүүчүлөрдү узатуу.

**ОТЪЁМНЫЙ,** -ая, -ое бөлөк, бөлөк алынуучу; **отъёмная кры́шка** бөлөк алынуучу капкак.

**ОТЪЕ'СТЬ** *сов. что* (*отгрызть*) кемирүү, кемирип жеп коюу.

**ОТЪЕ'СТЬСЯ** *сов. разг.* семирүү; **щено́к отъе́лся** күчүк семирди.

**ОТЪЕ'ХАТЬ** *сов.* жөнөп кетүү, алыстап кетүү; **отъе́хать от го́рода** шаардан алыстап кетүү; **отъе́хать от ста́нции** станциядан жөнөп кетүү.

**ОТЪЯ'ВЛЕННЫЙ,** -ая, -ое *разг.* барып турган, ашынган, чийинден чыккан; **отъя́вленный негодя́й** ашынган шумшук; **отъя́вленный спле́тник** барып турган ушакчы.

**ОТЫГРА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*вернуть проигранное*) ойноп кайта утуп алуу; **отыгра́ть свои́ де́ньги** өзүнүн акчасын кайта утуп алуу; 2. *разг.* (*кончить играть*) ойноп бүтүү.

**ОТЫГРА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*вернуть проигранное*) уттуруп жибергенди кайта ойноп утуп алуу; 2. *перен. разг.* кыйын абалдан айла таап кутулуу.

**ОТЫ'ГРЫВАТЬ** *несов. см.* **отыгра́ть.**

**ОТЫ'ГРЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отыгра́ться;** 2. *страд. к* **оты́грывать.**

**О'ТЫГРЫШ** *м.* 1. (*действие*) ойноп кайта утуп алуу, уттуруп жибергенди кайта ойноп утуп алуу; 2. (*отыгранная сумма*) уттуруп коюп, кайта ойноп утуп алынган акча.

**ОТЫМЁННЫЙ,** -ая, -ое *грам.* атоочтон жасалган; **отымённый глаго́л** атоочтон жасалган этиш (*мис. ой-ло, иш-те ж. б.*).

**ОТЫСКА'ТЬ** *сов. кого-что* издеп табуу; **отыска́ть ста́рого прия́теля** эски жолдошту издеп табуу; **отыска́ть ну́жный дом** керектүү үйдү издеп табуу; **отыска́ть кни́гу** китепти издеп табуу.

**ОТЫСКА'ТЬСЯ** *сов.* изделип табылуу, табылуу; **тетра́дь отыска́лась** дептер табылды.

**ОТЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **отыска́ть.**

**ОТЫ'СКИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **отыска́ться;** 2. *страд. к* **оты́скивать.**

**ОТЯГОТИ'ТЬ** *сов. кого чем* убара кылуу, оордук келтирүү.

**ОТЯГОЩА'ТЬ** *несов. см.* **отяготи́ть.**

**ОТЯГОЩЕ'НИЕ** *ср.* убара кылуу, оордук келтирүү, салмагын салуу.

**ОТЯГЧА'ТЬ** *несов. см.* **отягчи́ть.**

**ОТЯГЧА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее *прич. от* **отягча́ть; отягча́ющие вину́ обстоя́тельства** күнөөнү оордотуучу кырдаалдар.

**ОТЯГЧЕ'НИЕ** *ср.* салмак салуу, оордук келтирүү, убара кылуу.

**ОТЯГЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* күчөтүү, оордотуу; **отягчи́ть свою́ вину́** өзүнүн күнөөсүн көбөйтүп алуу.

**ОТЯЖЕЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*стать неповоротливым*) оор тартуу, семирип оор болуп кетүү; **он о́чень отяжеле́л** ал абдан оор болуп калды; 2. *перен.* (*стать вялым*) оор тартуу, жакшы иштебей калуу; **у меня́ голова́ отяжеле́ла** менин башым салмактанып турат.

**ОТЯЖЕЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* оор кылуу; **отяжели́ть констру́кцию маши́ны** машинанын конструкциясын оор кылуу.

**ОФИЦЕ'Р** *м.* офицер; **сове́тский офице́р** советтик офицер; **офице́р свя́зи** байланыш офицери.

**ОФИЦЕ'РСКИЙ,** -ая, -ое **офицер-ге** *т.*; офицердик; **офице́рское зва́ние** офицердик наам; **офице́рский клуб** офицерлер клубу; **офице́рские пого́ны** офицерлердин погондору.

**ОФИЦЕ'РСТВО** *ср.* 1. *собир.* офицерлер; **сове́тское офице́рство** советтик офицерлер; 2. (*звание*) офицердик наам; **получи́ть офице́рство** офицердик наам алуу.

**ОФИЦИА'ЛЬНО** *нареч.* 1. официалдуу түрдө; **официа́льно заяви́ть** официалдуу түрдө айтуу, официалдуу түрдө билдирүү; 2. *перен.* (*сухо, холодно-вежливо*) кайдигер; **официа́льно обрати́ться** *к кому-л.* бирөөгө кайдигер гана кайрылуу.

**ОФИЦИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. официалдык (*өкмөт тарабынан белгиленген, даярдалган; өкмөт тарабынан болгон*); **официа́льное опроверже́ние** официалдык төгүндөө; **официа́льный представи́тель** официалдык өкүл; **официа́льное сообще́ние** официалдык билдирүү; **официа́льная встре́ча** официалдык кезигишүү; **официа́льное приглаше́ние** официалдык чакыруу; 2. *перен.* официалдык; ачык-айрым эмес; **официа́льный тон** официалдык мамиле.

www.bizdin.kg

**ОФИЦИА'НТ** *м.* официант (*мис. ресторанда тамак ташып берүүчү киши*).

**ОФИЦИА'НТКА** *женск. р. к* **официант**; официантка.

**ОФИЦИО'З** *м.* официоз (*официоздук басма органы, газета*).

**ОФИЦИО'ЗНОСТЬ** *ж.* официоздуулук.

**ОФИЦИО'ЗНЫЙ**, -ая, -ое официоздуу, официоздук (*буржуазиялык өлкөлөрдө — жарым-жартылай официалдык, өкмөт менен ачык байланышы болбогон, бирок иш жүзүндө анын көз карашын турмушка ашырган*); **официозная газета** официоздук газета.

**ОФОРМИ'ТЕЛЬ** *м.* оформить этүүчү.

**ОФОРМИ'ТЕЛЬСКИЙ**, -ая, -ое **оформитель**-*ге т.*; оформить этүүчү; **оформительские работы** оформить этүү жумуштары.

**ОФО'РМИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* оформить этүү; **оформить договор** договорду оформить этүү; **оформить** *кого-л.* **на работу** *бирөөнү* ишке оформить этүү; 2. *что* бүткөн формага келтирүү, бүткөн түргө келтирүү; **оформить стенгазету** дубал газетасын бүткөн формага келтирүү; 3. *что* кооздоо; **празднично оформить здание** имаратты майрамдагыдай кооздоо.

**ОФО'РМИТЬСЯ** *сов.* оформить этилүү; **оформиться на работу** ишке оформить этилүү.

**ОФОРМЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) оформить этүү; **оформление документов** документтерди оформить этүү; 2. (*внешний вид*) кооздоп жасоо; кооздук; **нарядное оформление детских книг** балдардын китептеринин кооздоп жасалышы.

**ОФОРМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оформить**.

**ОФОРМЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **оформиться**; 2. (*принимать законченный вид*) бүткөн формага келүү, бүткөн түргө келүү; 3. *страд. к* **оформлять**.

**ОФО'РТ** *м. иск.* офорт (*жездин же цинктин бетине кислота менен оюп жасалган сүрөт*).

**ОФТАЛЬМО'ЛОГ** *м. мед.* офтальмолог (*көз оорусунун врачы*).

**ОФТАЛЬМОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **офтальмология**-*га т.*; офтальмологиялык; **офтальмологический институт** офтальмологиялык институт.

**ОФТАЛЬМОЛО'ГИЯ** *ж.* офтальмология (*көз оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илим*).

**ОХ** *межд.* кокуй, ой.

**О'ХАНЬЕ** *ср. разг.* кокуйлоо, ойбойлоо.

**ОХА'ПКА** *ж.* бир кучак, бир көтөрүм; **охапка дров** бир кучак отун.

**ОХАРАКТЕРИЗОВА'ТЬ** *сов. кого-что* мүнөздөө, мүнөздөп көрсөтүү.

**О'ХАТЬ** *несов.* кокуйлоо, ойбойлоо.

**ОХА'ЯТЬ** *сов. кого-что, разг.* маскаралоо, кордоо, жамандоо, жамандап салуу, тилдөө.

**ОХВА'Т** *м.* 1. тартуу; **охват рабочих социалистическим соревнованием** жумушчуларды социалисттик мелдешке тартуу; 2. *воен.* тегеректөө, чулгоо, камалоо; **охват флангов противника** душмандын флангдарын чулгоо.

**ОХВАТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* кучактоо; **охватить руками ствол дерева** жыгачты кучактоо; 2. *кого-что, перен.* (*объять*) каптоо; **пламя охватило здание** жалын үйдү каптады; 3. *кого-что, перен.* (*овладеть чем-л.*) басуу, толуу; **всех охватила радость** бардыгы кубанычта болушту, бардыгы кубанышты; 4. *кого-что* тартуу; **охватить молодёжь общественной работой** жаштарды көпчүлүк ишине тартуу; 5. *что* (*понять*) түшүнүү, аңдоо; 6. *кого-что, воен.* тегеректөө, чулгоо, камалоо; **охватить правый фланг противника** душмандын оң жаккы флангын чулгоо.

**ОХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **охватить**.

**ОХВО'СТЬЕ** *ср. собир.* 1. *с.-х.* учкун, чар; 2. *перен. презр.* талкаланган (жанчылган) топтун калдыгы.

**ОХЛАДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **охладеть**.

**ОХЛАДЕ'ТЬ** *сов. к кому-чему* көңүл кош тартуу, суз тартуу, ысыкчылыгы кайтуу; **охладеть к прежним друзьям** мурунку жолдошторуна суз тартуу.

**ОХЛАДИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* муздаткыч, сууткуч аспап.

**ОХЛАДИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*остудить*) муздатуу, суутуу; **охладить кипяток** кайнаган сууну муздатуу; 2. *кого-что, перен.* көңүл суутуу, кош көңүл кылуу, суз кылуу; **охладить** *чей-л.* **восторг** *бирөөнүн* кубанычтуу көңүлүн суутуу.

**ОХЛАДИ'ТЬСЯ** *сов.* муздоо, сууну, сууп калуу.

**ОХЛАЖДА'ТЬ** *несов. см.* **охладить**.

**ОХЛАЖДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **охладиться**; 2. *страд. к* **охлаждать**.

**ОХЛАЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. муздатуу, суутуу; муздоо, сууш; **охлаждение воздуха** абаны муздатуу; 2. *перен.* көңүл суугуу, кош көңүл тартуу, суз тартуу.

**ОХЛО'ПОК** *м.* бир үзүм; **охлопок шерсти** бир үзүм жүн.

**ОХМЕЛЕ'НИЕ** *ср.* мас болуп калуу.

**ОХМЕЛЕ'ТЬ** *сов.* мас болуу.

**О'ХНУТЬ** *однокр. разг.* кыңкыстоо (*бир жолу*).

**ОХОЛОСТИ'ТЬ** *сов. кого* биттөө, бычуу (*мис. кочкорду*).

**ОХОРА'ШИВАТЬСЯ** *несов. разг.* сулуулануу, жасануу, сылануу; **охорашиваться перед зеркалом** күзгүгө каранып сылануу.

**ОХО'ТА** I *ж.* аң, аң уулоо, уучулук, аңчылык, мергенчилик; **охота на медведя** аюуга аңга чыгуу; **промысловая охота** промыслолук аңчылык; **псовая охота** тайган менен аңга чыгуу, ит агытып аң уулоо.

**ОХО'ТА** II *ж.* (*желание*) каалоо, умтулуу, жакшы көрүү, тилөө, эңсөө; **охота к музыке** музыканы каалоо; **охота учиться** окууну эңсөө; **охота тебе с ним спорить** аны менен айтышып отуруунун сага эмне кереги бар.

**ОХО'ТИТЬСЯ** *несов. на кого-что, за кем-чем* 1. уулоо, аңчылык кылуу, аң уулоо, мергенчилик кылуу; **охотиться на кабанов** каманга аңчылык кылуу; **охотиться на уток** өрдөккө аңчылык кылуу; **охотиться за перепелами** бөдөнө уулоо; 2. *перен. разг.* аңдып жүрүү, издеп жүрүү; **охотиться за редкой книгой** сейрек китепти издеп жүрүү.

**ОХО'ТКА** *ж.*: **в охотку** *прост.* көңүлдөнүп, абдан каалап.

**ОХО'ТНИК** I *м.* аңчы, уучу; мергенчи (*ружейный*).

**ОХО'ТНИК** II *м.* 1. (*добровольно идущий на что-л.*) каалоочу, каалаган; **нашлось много охотников идти в разведку** чалгынга барууну каалагандар көп табылды; 2. *разг.* (*любитель*) жакшы көргөн, жакшы көрүүчү; **охотник до книг** китепти жакшы көргөн; **охотник читать** окуганды жакшы көргөн адам; 3. **охотники** *мн.* алуучулар, каалоочулар; **на книгу нашлось много охотников** китепти каалоочулар көп болуп чыкты.

**ОХО'ТНИЦА** *женск. р. к* **охотник** II 2.

**ОХО'ТНИЧИЙ**, -ья, -ье охота I-*ге т.*; **охотничье ружьё** аңчылык мылтыгы; **охотничья собака** тайган, машке.

**ОХО'ТНО** *нареч.* абдан каалап, өзү тилеп, сонуркап, чын көңүлү менен; **охотно согласиться** чын көңүлү менен макул болуу.

**О'ХРА** *ж.* охра (*сары же кызыл түстөгү минерал боёк*).

**ОХРА'НА** *ж.* 1. (*действие*) коргоо, сактоо; **охрана государственной безопасности** мамлекет коопсуздугун сактоо; **охрана здоровья трудящихся** эмгекчилердин саламаттыгын сактоо; 2. (*стража*) сакчы, кароолчу; **поставить охрану** сакчы коюу; **вооружённая охрана** куралдуу сакчы; ◇ **охрана труда** эмгекти коргоо; **охрана материнства и младенчества** энеликти жана балалыкты коргоо.

**ОХРАНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) коргоо, сактоо; 2. *воен.* коргоо, сактоо.

**ОХРАНИ'ТЬ** *сов. см.* **охранять**.

www.bizdin.kg

**ОХРА'НКА** *ж. разг.* охранка (*падышалык Россияда жана азыркы буржуазиялык өлкөлөрдө — полициялык жашырын аңдуу жана революциялык кыймылга каршы күрөшүү органы*).

**ОХРА'ННИК** *м. разг.* **1.** (*сторож*) сакчы; **2.** (*агент охранки*) охранканын агенти.

**ОХРА'ННЫЙ,** -ая, -ое **1.** **охрана**-*га т.*; **охра́нная гра́мота** коргоо грамотасы; **2.** корголуучу, сакталуучу; **охра́нная санитáрная зóна** корголуучу санитардык зона.

**ОХРАНЯ'ТЬ** *несов. кого-что* коргоо, сактоо; **охраня́ть социалисти́ческую сóбственность** социалисттик менчикти коргоо.

**ОХРИ'ПЛОСТЬ** *ж.* кырылдагандык, кыркырактык.

**ОХРИ'ПЛЫЙ,** -ая, -ое кыркыраган, кырылдаган, киркиреген; **охри́плый гóлос** кырылдаган үн.

**ОХРИ'ПНУТЬ** *сов.* кырылдап калуу, кыркырап калуу, киркиреп калуу, үнү бүтүү; **охри́пнуть от простýды** суук тийип кырылдап калуу.

**О'ХРИТЬ** *несов. что* охра менен боёо.

**ОХРОМЕ'ТЬ** *сов. разг.* аксоо, аксап калуу.

**ОХУ'ЛКА** *ж* : **он охýлки нá руку не полóжит** *разг.* кишиге жемин жедирбейт.

**ОЦАРА'ПАТЬ** *сов. кого-что* тырмоо, тырмап алуу, тытуу, тытып алуу, тыттырып алуу, чийип так түшүрүү; **кóшка оцарáпала ребёнка** мышык баланы тырмап алды; **оцарáпать рýку в кустáх** бадалдардын арасында колду тыттырып алуу.

**ОЦАРА'ПАТЬСЯ** *сов.* тырмап алуу, тытып алуу, тыттырып алуу, чийдирип алуу; **оцарáпаться в лесý** токойдун арасында тыттырып алуу.

**ОЦЕ'НИВАТЬ** *несов. см.* **оцени́ть.**

**ОЦЕНИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** баалоо, баа коюу; **оцени́ть лóшадь** атты баалоо; **оцени́ть дом** үйгө баа коюу; **2.** *перен.* баалоо, баа берүү; **оцени́ть** *чей-л.* **постýпок** *бирөөнүн* кылык-жоругун баалоо; **прáвильно оцени́ть создáвшееся положéние** болгон абалды туура баалоо; **оцени́ть** *кого-л.* **по достóинству** *бирөөгө* анын жакшы-жаман жактарын таразага тартып туруп баа берүү.

**ОЦЕ'НКА** *ж.* **1.** баалоо, баа коюу, баа берүү; **2.** (*мнение*) баалоо; **высóкая оцéнка кáчества продýкции** продукциянын сапатын жогору баалоо.

**ОЦЕ'НОЧНЫЙ,** -ая, -ое **оценка**-*га т.*; баалоочу; **оцéночная комиссия** баалоочу комиссия.

**ОЦЕ'НЩИК** *м.* баа коюучу, баалоочу.

**ОЦЕПЕНЕ'ЛОСТЬ** *ж.* катып селдейип калуу (*мис. коркконду; ушугөндө*).

**ОЦЕПЕНЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое селдейген, селейген.

**ОЦЕПЕНЕ'НИЕ** *ср.* селдейип калуу, селейип калуу, селейип катып калуу; **вы́йти из состоя́ния оцепенéния** селдейип калган абалдан кадимки абалына келүү, эсин жыюу.

**ОЦЕПЕНЕ'ТЬ** *сов.* катып калуу, селдейип калуу, селейип калуу.

**ОЦЕПИ'ТЬ** *сов. кого-что* курчап алуу, ороп алуу, тегеректеп алуу; **оцепи́ть плóщадь** аянтты курчап алуу.

**ОЦЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) курчап алуу, ороп алуу, тегеректеп алуу; **2.** (*отряд*) курчаган, орогон, тегеректеген отряд.

**ОЦЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **оцепи́ть.**

**ОЦИНКО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **оцинковáть;** **2.** *прил.* цинктелген; **оцинкóванное желéзо** цинктелген темир.

**ОЦИНКОВА'ТЬ** *сов. что* цинктөө, цинк менен каптоо, калай чайкоо; **оцинковáть крóвельное желéзо** үйдүн төбөсүнө жабылуучу темирди цинктөө.

**ОЦИНКО'ВКА** *ж.* цинктөө, цинк менен каптоо.

**ОЦИНКО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое цинктөөчү, цинк менен каптоочу; **оцинкóвочный цех** цинктөөчү цех.

**ОЦИНКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **оцинковáть.**

**ОЧА'Г** *м.* **1.** очок, коломто, кемеге; **2.** *перен.* уя, борбор, чыккан жери; **культýрный очáг** маданий борбор; **очáг пожáра** өрт чыккан жер; **потуши́ть очаги́ войны́** согуш оту чыккан жерлерди жок кылуу; ◇ **домáшний очáг** өз үйү.

**ОЧАРОВА'НИЕ** *ср.* сыйкыр, өзүнө тартуу, сыйкырдоочу күч, сыйкырдуу күч; **поддáться очаровáнию** сыйкырдын таасирине кирүү.

**ОЧАРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **очаровáть;** **2.** *прил.* таң калып суктанган.

**ОЧАРОВА'ТЕЛЬНО** *нареч.* укмуштуу, эң сонун, таң калардык, эң көркөм.

**ОЧАРОВА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* эң укмуштуулук, сонундук.

**ОЧАРОВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое эң укмуштуу, сонун, эң сулуу, татынакай, өтө көркөм; **очаровáтельный ребёнок** татынакай бала; **очаровáтельный гóлос** сонун үн.

**ОЧАРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* өзүнө тартуу, сыйкырдоо, суктантуу, ашык кылуу, куштар кылуу, кызыктыруу, кумардантуу.

**ОЧАРОВА'ТЬСЯ** *сов.* суктануу, куштар болуу, эң кызыгуу.

**ОЧАРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **очаровáть.**

**ОЧАРО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **очаровáться;** **2.** *страд. к* **очарóвывать.**

**ОЧЕВИ'ДЕЦ** *м.* өз көзү менен көргөн киши, бир окуяны өз көзү менен көргөн киши; **расскáз очеви́дца** өз көзү менен көргөн кишинин айтканы.

**ОЧЕВИ'ДИЦА** *женск. р. к* **очеви́дец.**

**ОЧЕВИ'ДНО 1.** *вводн. сл.* балким, мүмкүн, калыбы; **очеви́дно, все ужé в сбóре** калыбы, бардыгы жыйналып калган көрүнөт; **2.** *в знач. сказ.* анык.

**ОЧЕВИ'ДНОСТЬ** *ж.* талашсыздык, шексиздик, аныктык, ырастык.

**ОЧЕВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое талашсыз, шексиз, анык, ырас болгон; **очеви́дный факт** талашсыз факт.

**О'ЧЕНЬ** *нареч.* эң, абдан, өтө эле, аябаган; **óчень интерéсная кни́га** абдан кызык китеп; **óчень мнóго желáющих** каалагандар абдан көп; **емý э́то не óчень понрáвилось** бул ага көп жага берген жок; **не óчень горя́чий чай** анча ысык болбогон чай; **óчень вам благодáрен** сизге абдан ыраазымын.

**ОЧЕРЕДНО'Й,** -áя, -óе кезектүү, кезектеги; **очередны́е задáчи** кезектеги милдеттер; **очередны́е и́гры на пéрвенство страны́ по футбóлу** футбол боюнча өлкөдө биринчиликти алуу үчүн өткөрүлүүчү кезектүү оюндар; **очереднóй нóмер стеннóй газéты** дубал газетасынын кезектүү саны; **очереднóй óтпуск** кезектүү дем алыш.

**ОЧЕРЁДНОСТЬ** *ж.* кезектүүлүк; **установи́ть очерёдность** кезектүүлүктү белгилөө.

**О'ЧЕРЕДЬ** *ж.* **1.** кезек; **в поря́дке óчереди** кезек менен; **в пéрвую óчередь** биринчи кезекте; **2.** (*о людях в очереди*) очередь, кезек (*биринин артынан бири турган адамдар*); **пропусти́ть свою́ óчередь** өз очередин (кезегин) өткөрүп жиберүү; **3.** *воен.* очередь (*белгилүү сандагы атылган октор*); **пулемётная óчередь** пулемёттук очередь.

**О'ЧЕРК** *м.* очерк (*бир нерсени сүрөттөгөн кичине адабий чыгарма; бир жеке маселе жөнүндө жазылган илимий чыгарма*); **бытовóй óчерк** турмуштук очерк; **крáткий óчерк рýсской литератýры** орус адабиятынын кыскача очерки.

**ОЧЕРКИ'СТ** *м.* очеркчи, очерк жазуучу.

**ОЧЕРКИ'СТКА** *женск. р. к* **очерки́ст.**

**ОЧЕРНИ'ТЬ** *сов. кого-что* каралоо, ушактоо, жаманатты кылуу.

**ОЧЕРНЯ'ТЬ** *несов. см.* **очерни́ть.**

**ОЧЕРСТВЕ'ЛОСТЬ** *ж.* таш боордук, корстук, одонолук, оройлук, түпттүк.

**ОЧЕРСТВЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое таш боор, корс, одоно, орой.

**ОЧЕРСТВЕ'ТЬ** *сов.* таш боор болуп калуу, корс болуу, оройлонуу, орой тартуу, одоно тартуу, орой болуу, ырайымсыздануу.

www.bizdin.kg

**ОЧЕРТА'НИЕ** *ср. прям. и перен.* сөлөкөт, караан; **очертáния гор** тоолордун караандары; **очертáния бýдущего ромáна** келечектеги романдын сөлөкөтү.

**ОЧЕРТИ'ТЬ** *сов. что* 1. сызып сүрөтүн салуу; **очертить портрéт** сызып портреттин сүрөтүн салуу; 2. *перен.* жалпы сүреттөө, жалпы түрдө айтуу, баяндоо; **очертить ход собы́тий** окуянын жүрүшүн жалпы сүрөттөө; ◇ **очертя́ гóлову** *разг.* ойлобостон эле, ойлонбой эле, баш-аягына карабай, алды-артын карабастан; мейлиге салып.

**ОЧЕ'РЧИВАТЬ** *несов. см.* **очертить.**

**ОЧЁС** *м. собир. см.* **очёски.**

**ОЧЕСА'ТЬ** *сов. что* тарап тазалоо; **очесáть лён** зыгырдын буласын тарап тазалоо.

**ОЧЁСКИ** *мн.* (*ед.* **очёсок** *м.*) таранды, тарагандан чыккан калдык; **очёски льна** зыгырдын буласын тарагандан чыккан калдык.

**О'ЧИ** *мн. от* **óко.**

**ОЧИНИ'ТЬ** *сов. что* учтоо, уч чыгаруу; **очини́ть карандáш** карандашты учтоо.

**ОЧИ'НКА** *ж.* учтоо, уч чыгаруу; **очи́нка карандашéй** карандаштарды учтоо.

**ОЧИСТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тазалагыч, тазалоочу.

**ОЧИ'СТИТЬ** *сов.* 1. *что* (*от мусора, грязи*) тазалоо, тазартуу; **очи́стить двор** короо тазалоо; 2. *что* тазартуу; **очи́стить вóду** сууну тазартуу; **очи́стить спирт** спирт тазартуу; 3. *что* (*овощи, фрукты и т. д.*) тазалоо, аарчуу; **очи́стить огурцы́** бадырац аарчуу; **очи́стить ры́бу** балыктын кабырчыгын кырып тазалоо; 4. *что от кого-чего* (*освободить*) бошотуу; **предложи́ть очи́стить помещéние** үйдү бошоткун деп айтуу; 5. *кого-что, разг.* (*обокрасть*) такыр уурдап кетүү; ◇ **очи́стить желýдок** *мед.* ичти (алдырып) тазалоо.

**ОЧИ'СТИТЬСЯ** *сов.* 1. тазалануу, тазаруу, таза болуу, арылуу; **рекá очи́стилась от льда** өзөн муздан арылды; 2. (*проясниться*) ачылуу, арылуу; **нéбо очи́стилось от облакóв** асман булуттан арылды.

**ОЧИ'СТКА** *ж.* тазалоо, тазартуу, аарчуу, бошотуу; **очи́стка дворá** короо тазалоо; **очи́стка семя́н** үрөөн тазалоо; ◇ **для очи́стки сóвести** *разг.* ошондой болсо да, көңүл жай болсун үчүн (*мис. дагы бир көз жүгүртүп чыгайын*).

**ОЧИ'СТКИ** *только мн.* аарчыгандан чыккандар; **картóфельные очи́стки** картошканы аарчыгандан чыкканы (*мис. кабык*).

**ОЧИЩА'ТЬ** *несов. см.* **очи́стить.**

**ОЧИЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **очи́ститься;** 2. *страд. к* **очищáть.**

**ОЧИЩЕ'НИЕ** *ср.* тазалоо, тазартуу, бошотуу.

**ОЧКИ'** *только мн.* көз айнек; **носи́ть очки́** көз айнек тагынуу; **человéк в очкáх** көз айнекчен киши.

**ОЧКО'** *ср.* 1. (*в играх, в спорте*) очко (*спорт оюндарында — утуу санынын единицасы*); **счёт очкóв** очколорду эсептөө; 2. *с.-х.* (*у растений*) очко, бүчүр, күчүк; 3. (*карточная игра*) очко (*картанын бетиндеги тамга, мис. сегиздик — сегиз очко, балта — эки очко; кээ бир оюндардын — мис. доминонун — бетиндеги чекиттер*); 4. *полигр.* очко (*тамганы же белгини томпок кылып көрсөтүү*); 5. *тех.* (*отверстие*) тешик; ◇ **втирáть очки́** *разг.* будамайга салып алдоо.

**ОЧКОВТИРА'ТЕЛЬ** *м. разг.* будамайлоочу, будамайга салуучу, көз боёочу.

**ОЧКОВТИРА'ТЕЛЬСТВО** *ср. разг.* будамайлоо, будамайга салуучулук, көз боёочулук.

**ОЧКО'ВЫЙ,** -ая, -ое: **очкóвая змея́** кобра (*өтө заардуу жыландын бир түрү*).

**ОЧНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*проснуться*) ойгонуу; **очнýться ото снá** уйкудан ойгонуу; 2. (*опомниться*) эсине келүү, эс алуу, эс-акылы кайта келүү; **очнýться пóсле óбморока** эси ооп калгандан кийин кайта эсине келүү.

**О'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **óчное обучéние** катышып окуу (*окуу жайына кирип такай окуу*); **óчная стáвка** *юр.* көздөштүрүү, беттештирүү.

**ОЧУМЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *прост.* жинди немедей, келесоодой, жоо кууган кишидей.

**ОЧУМЕ'ТЬ** *сов. прост.* жинди болуу, келесоо болуу, кеңкелес болуу.

**ОЧУТИ'ТЬСЯ** *сов.* ойлобогон жерде (абалда) болуп калуу; **очути́ться в незнакóмом мéсте** башта болбогон жерге барып калуу; **очути́ться в нелóвком положéнии** оңтойсуз абалда калуу.

**ОЧУ'ХАТЬСЯ** *сов. прост.* эсине келүү, эси кирүү, акылына келүү.

**ОШАЛЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *прост.* келесоо болгон, кеңкелес болгон, эсинен ажыраган; **ошалéлый вид** келесоо болгон түр.

**ОШАЛЕ'ТЬ** *сов. прост.* келесоо болуу, кеңкелес болуп калуу, эмне кыларын билбей калуу; **он ошалéл от рáдости** ал кубанганынан эмне кыларын билбей калды.

**ОШАРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **ошарáшить.**

**ОШАРА'ШИТЬ** *сов. кого-что, прост.* айласын кетирүү (*эмне кыларын билдирбей салуу*); **ошарáшить неожи́данным вопрóсом** күтүлбөгөн суроону берип айласын кетирүү.

**ОШЕ'ЙНИК** *м.* кынжы, каргы; **собáчий ошéйник** ит каргысы.

**ОШЕЛОМИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* айран калтыра турган, таң калтыра турган, укмуштуу; **ошеломи́тельное извéстие** укмуштуу кабар.

**ОШЕЛОМИ'ТЬ** *сов. кого-что* айласын кетирүү, айран калтыруу, таң калтыруу; **ошеломи́ть кого-л. вопрóсом** суроо менен бирөөнүн айласын кетирүү.

**ОШЕЛОМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **ошеломи́ть.**

**ОШЕЛОМЛЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **ошеломля́ть;** 2. *прил.* таң калтыра турган, укмуштуу; **ошеломля́ющее извéстие** таң калтыра турган кабар.

**ОШЕЛЬМОВА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* кур жала жабуу.

**ОШИБА'ТЬСЯ** *несов. см.* **ошиби́ться.**

**ОШИБИ'ТЬСЯ** *сов.* жаңылуу, жаңылышуу; **ошиби́ться в вычислéниях** эсептөөдөн жаңылуу.

**ОШИ'БКА** *ж.* жаңылыш, жаңылыштык, ката, каталык; **граммати́ческая оши́бка** грамматикалык ката; **оши́бка в вычислéнии** эсептөөдөн кеткен жаңылыштык; **испрáвить свою́ оши́бку** өзүнүн каталыгын оңдоо.

**ОШИ'БОЧНО** *нареч.* жаңылыштан.

**ОШИ'БОЧНОСТЬ** *ж.* жаңылыштык, каталык, туура эместик.

**ОШИ'БОЧНЫЙ,** -ая, -ое жаңылыш, ката; **оши́бочное решéние** жаңылыш чечим.

**ОШИ'КАТЬ** *сов. кого-что, разг.* маскаралап «мыш-мыш» деп үн чыгаруу, жактырбай (шылдыңдап) «тшш-тшш» деп үн чыгаруу.

**ОШПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **ошпáрить.**

**ОШПА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ошпáриться;** 2. *страд. к* **ошпáривать.**

**ОШПА'РИТЬ** *сов. кого-что, разг.* үстүнө кайнак суу куюу, кайнак суу куюп күйгүзүү, кайнак суу куюп жыдытуу; **ошпáрить кýрицу** кайнак суу куюп тоокту жыдытуу; **ошпáрить кого-л. нечáянно** кокусунан кайнак суу куюп бирөөнү күйгүзүү.

**ОШПА'РИТЬСЯ** *сов. разг.* кайнаган нерсеге күйүп алуу; **ошпáриться по неосторóжности** абайлабагандыктан кайнаган нерсеге күйүп алуу.

**ОШТРАФОВА'ТЬ** *сов. кого-что* штраф салуу, штраф тарттыруу, штраф алуу.

**ОШТУКАТУ'РИТЬ** *сов. что* штукатуркалоо, шыбоо, шыбактоо, шыбап салуу, шыбап коюу; **оштукатýрить стéны** стеналарды шыбоо.

www.bizdin.kg

**ОЩЕНИ'ТЬСЯ** *сов.* күчүктөө, балалоо (*канчык*).
**ОЩЕ'РИТЬ** *сов. что, прост.* ырсыйтуу, ыржыйтуу (*тишти*).
**ОЩЕТИ'НИВАТЬ** *несов. см.* **ощетйнить.**
**ОЩЕТИ'НИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ощетйниться;** 2. *страд. к.* **ощетйнивать.**
**ОЩЕТИ'НИТЬ** *сов. что* үрпөйтүү; **собáка ощетйнила шерсть** ит жүнүн үрпөйттү.
**ОЩЕТИ'НИТЬСЯ** *сов.* 1. үрпөйүү, үрпөйтүү, тик туруу; **кóшка ощетйнилась** мышык жүнүн үрпөйттү; 2. *перен.* үрпөңдөө, ачуулануу.
**ОЩИПА'ТЬ** *сов. кого-что* жулуу (*куштун жүнүн*).
**ОЩИ'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **ощипáть.**
**ОЩУ'ПАТЬ** *сов. кого-что* сыйпалап (кармалап) көрүү; **ощýпать óпухоль** шишикти кармалап көрүү.
**ОЩУ'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **ощýпать.**
**О'ЩУПЬ** *ж.*: на **óщупь** кармап көрүп; **определйть óпухоль на óщупь** шишикти кармап көрүп билүү.
**О'ЩУПЬЮ** *нареч.* кол менен сыйпалап, кармалап; **идтй óщупью в темнотé** караңгыда кармалап, сыйпалап басуу.
**ОЩУТИ'МО** *нареч.* сезилгидей, көзгө көрүнгүдөй.
**ОЩУТИ'МОСТЬ** *ж.* сезилердик, билинердик, көзгө көрүнөрдүк.
**ОЩУТИ'МЫЙ,** -ая, -ое сезилердик, көрүнүктүү, көзгө көрүнө турган; жарытардык, билинердик; **ощутймые результáты** көрүнүктүү натыйжалар.
**ОЩУТИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. сезилердик, сезимге билинердик, көзгө көрүнөрдүк; 2. *перен.* олуттуулук, салмактуулук.
**ОЩУТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. сезилген, сезиле турган, көзгө көрүнө турган; **ощутйтельный хóлод** сезиле тургандай суук; 2. *перен.* (*значительный, заметный*) олуттуу, салмактуу; **ощутйтельные успéхи** олуттуу ийгиликтер.
**ОЩУТИ'ТЬ** *сов. что, прям. и перен.* сезүү; **ощутйть гóлод** ачкалыкты сезүү; **ощутйть боль** ооруганды сезүү; **ощутйть удовлетворéние** канаатталгандыкты сезүү.
**ОЩУЩА'ТЬ** *несов. см.* **ощутйть.**
**ОЩУЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*восприятие*) сезим; **мýскульные ощущéния** булчуңдук сезим; 2. (*переживание, чувство*) сезүү, сезилүү; **ощущéние свобóды** эркиндикти сезүү; **ощущéние рáдости** кубаныч сезими.
**ОЯГНИ'ТЬСЯ** *сов.* козулоо, кой козулоо.
**ОЯ'ЛОВЕТЬ** *сов.* кысыр калуу.

# П

**ПА** *ср. нескл.* па (*бутту белгилүү бир түрдө коюу менен бийлөөдөгү айрым кыймыл*).
**ПА'ВА** *ж.* 1. *зоол.* ургаачы тоос; 2. *перен.* суйсалган сулуу.
**ПАВИА'Н** *м. зоол.* павиан (*маймылдын итке окшош түрү*).
**ПАВИЛЬО'Н** *м.* 1. (*для торговли*) павильон; **цветóчный павильóн** гүл павильону; 2. (*на выставке*) павильон (*көргөзмө экспонаттар үчүн жасалган үй*); 3. *кино, фото* павильон (*киносъёмка жана фотосъёмка жүргүзүлүүчү имарат, жай*); 4. (*беседка в саду*) павильон, айванча (*паркка, бакка салынган жеңил имарат*).
**ПАВЛИ'Н** *м. зоол.* тоос, павлин (*кыргоол түрүнө кирүүчү кооз жүндүү куш*).
**ПАВЛИ'НИЙ,** -ья, -ье **павлин**-*ге т*; **павлйний хвост** павлиндин куйругу; ◇ **ворóна в павлйньих пéрьях** *погов.* тоостун жүнүн тагынган карга (*өзү наадан болсо да, көпчүлүктүн ичинде маданияттуу болуп көрүнгүсү келген киши*).
**ПА'ВОДОК** *м.* үйөр суу, киргин суу, сел, ташкын; **весéнний пáводок** жазгы сел, жазгы үйөр суу, жазгы киргин суу.
**ПА'ВШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **пасть** I; 2. *в знач. сущ. чаще мн.* курман болгон; **пáмятник пáвшим в бою за рóдину** родина үчүн болгон согушта курман болгондорго эстелик.
**ПАГИНА'ЦИЯ** *ж. полигр.* пагинация (*китептин же кол жазманын беттерин номердөө*).
**ПА'ГОДА** *ж.* пагода (*будда дининдегилердин сыйына турган үйү*).
**ПА'ГУБА** *ж. уст.* бүлгүн, зыян.
**ПА'ГУБНО** *нареч.* бүлдүрө, зыян келтире; **пáгубно отразйться** *на ком-чём-л.* *бирөөгө же бир нерсеге* зыян келтирүү, зыяндуу таасир кылуу.
**ПА'ГУБНОСТЬ** *ж.* бүлгүнгө алып баруучулук, зыяндуулук.
**ПА'ГУБНЫЙ,** -ая, -ое бүлгүнгө алпаруучу, зыяндуу; **пáгубные послéдствия** зыяндуу натыйжалар.
**ПА'ДАЛИЦА** *ж. разг.* 1. кодура; 2. *см.* **пáданец.**
**ПА'ДАЛЬ** *ж.* тарп.
**ПА'ДАНЕЦ** *м.* өзү түшкөн мөмө, жемиш.
**ПА'ДАТЬ** *несов.* 1. жыгылуу, түшүү, ылдый учуп түшүү, ылдый кулоо; **пáдать нáвзничь** чалкасынан жыгылып түшүү, чалкасынан кетүү; 2. (*об осадках*) түшүү, жааш; **снег пáдает** кар жаап жатат; 3. (*дóхнуть — о скоте*) өлүү, кырылуу; 4. (*выпадать — о зубах, волосах*) түшүү; 5. *на кого-что* (*о свете, тени*) түшүү; **тень пáдает на зéмлю** көлөкө жерге түшөт; 6. *на кого-что, перен.* (*касáться кого-чего-л.*) түшүү, болуу; **на негó пáдает подозрéние в крáже** ошол уурдады деген шек бар; 7. *на кого-что, перен.* (*выпадать на чью-л. долю*) түшүү; **все забóты пáдают на меня́** бардык түйшүк мага түшөт; 8. *на что* (*об ударении*) түшүү; **ударéние пáдает на пéрвый слог** басым биринчи муунга түшөт; 9. (*понижаться*) төмөндөө, төмөн түшүү, ылдыйлоо, кемүү, тартылуу, соолуу; **температýра больнóго пáдает** оору адамдын температурасы төмөн түшө баштады; **барóметр пáдает** барометр төмөн түшө баштады; 10. (*приходить в упадок*) төмөндөө, кедеринен кетүү; ◇ **пáдать на колéни** жүгүнүү, чөгөлөө, тизесине жыгылуу; **пáдать от устáлости** чарчап жыгылуу, суй жыгылуу; **пáдать в óбморок** талып калуу, эсинен тануу, эси оош; **вóлосы пáдают на плéчи** чачы ийнине түшүп турат.
**ПА'ДАЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **пáдать;** 2. *прил.* кулап бара жаткан, учуп түшүүчү, жыгылып түшүүчү; **пáдающие звёзды** *астр.* учуучу жылдыздар.
**ПАДЕ'Ж** *м. грам.* жөндөмө.
**ПАДЁЖ** *м.* өлөт (*малдын кырылышы*).
**ПАДЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **падеж**-*ге т.*; **падéжная фóрма** жөндөмө формасы.
**ПАДЕ'НИЕ** *ср.* 1. жыгылуу, түшүү, ылдый учуп түшүү, ылдый кулоо, кулап түшүү; **падéние с лóшади** аттан жыгылуу; **ýгол падéния рáвен углý отражéния** *физ.* түшүү бурчу чагылышуу бурчуна барабар; 2. (*снижение*) төмөндөө, кемүү, тартылуу, соолуу; **падéние водý в рекé** өзөндө суунун тартылышы; **падéние цен** баанын төмөндөшү; **падéние температýры больнóго** оорунун температурасынын төмөндөшү; 3. (*упадок*) төмөндөө, кулоо; 4. ордунан түшүү, кулоо, кыйроо; **падéние царйзма** падышачылыктын кулашы; 5. (*напр. крепости, осаждённого города*) багынуу (*мис. курчоодо калган шаар душманга туруштук бере албай*); 6. (*нравственное*) бузулуу, адамдыктан чыгуу.
**ПАДИША'Х** *м.* падыша.

www.bizdin.kg

**ПА'ДКИЙ,** -ая, -ое *на что, до чего* баса калуучу, тапкой, кумар; **он пáдок до слáдкого** ал таттууну баса калат, ал таттууга тапкой, ал таттууга кумар.

паду', падёшь *и т. д. буд. вр. от* **пасть** I.

**ПАДУ'ЧАЯ** *ж. уст. см.* **эпилéпсия.**

**ПАДУ'ЧИЙ,** -ая, -ее: **падýчая болéзнь** *уст см.* **эпилéпсия.**

**ПА'ДЧЕРИЦА** *ж.* өгөй кыз.

**ПА'ДШИЙ,** -ая, -ее *уст.* бузук, бузулган (*турмушунан бузулган*).

**ПАДЬ** *ж. обл.* терең сай, кокту жер.

**ПАЕВО'Й,** -áя, -óе **пай**-*га т.*; пайлык; **паевóй взнос** пай взносу, пай акы, пайлык взнос; **на паевы́х начáлах** пай негизинде ортоктошуп.

**ПАЁК** *м.* паёк (*белгилүү мөөнөткө өлчөп норма боюнча берилүүчү азык-түлүк*).

**ПАЕНАКОПЛЕ'НИЕ** *ср.* пайлык нокопление, пай акчасынын жыйылуусу, топтолуусу (*пай взносторунун жыйылышы*).

**ПАЖ** *м.* паж (**1.** *ист. атактуу адамга же тажыдарга кызмат кылуучу дворян тукумунан чыккан эркек бала;* **2.** *ист. падышалык Россияда — пажеский корпустун окуучусу*).

**ПА'ЖЕСКИЙ,** -ая, -ое **паж**-*га т.*; пажеский; **пáжеский кóрпус** пажеский корпус (*революцияга чейинки Россияда — привилегиялуу дворяндык согушчук окуу жайы*).

**ПА'ЖИТЬ** *ж. поэт. уст.* жайыт.

**ПАЗ** *м.* **1.** (*скважина*) жарык, жарака; **законопáтить пазы́** жаракаларды тыгындап бүтөө; **2.** (*выемка*) оюк, кобул; **3.** *тех.* (*желобок*) ноочо, кичинекей ноо.

**ПА'ЗУХА** *ж.* **1.** *разг.* коюн; **положи́ть** *что-л.* **за пáзуху** *бир нерсени* коюнга салып алуу; **2.** *анат.* боштук, көңдөй (*дененин кээ бир жериндеги куушары же чуңкур жерлери*); **лóбные пáзухи** маңдайдын кууш жерлери, маңдай боштуктары; ◇ **держáть кáмень за пáзухой** кек сактап жүрүү, астыртан жамандык издеп жүрүү, койнуна таш катып жүрүү (*котур ташы койнунда*).

**ПА'ИНЬКА** *м. и ж. разг.* тил алгыч бала.

**ПАЙ** *м.* пай (*жарнак*); **вступи́тельный пай** кирүү пайы, пай акы; **на пая́х** 1) пай негизиндеги; **товáрищество на пая́х** пай акыга негизделген шериктик; 2) *разг.* (*в складчину*) ортодон чогултуп; **устрóить вéчер на пая́х** ортодон чогултуп, кече, отуруш уюштуруу.

**ПА'ЙКА** *ж. тех.* данакердөө, кандоо.

**ПАЙКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **паёк**-*ко т.*

**ПА'ЙЩИК** *м.* пайщик (*пай шериктигинин мүчөсү, жарнакчы*).

**ПА'ЙЩИЦА** *женск. р.* **к пáйщик;** пайщица.

**ПАКГА'УЗ** *м.* пакгауз, жүк склады; **железнодорóжный пакгáуз** темир жол пакгаузу.

**ПАКЕ'Т** *м.* **1.** (*свёрток, бумажный кулёк*) пакет (*тамак-аш салынуучу кагаз баштык, кагазга оролгон таңгак*); **2.** *офиц.* пакет (*пакет түрүндөгү конверттүү кат*); **пришёл пакéт из министéрства** министерстводон пакет келди; ◇ **индивидуáльный пакéт** *воен.* индивидуальный пакет, индивидуалдык пакет (*медициналык жардам берилгенге чейин жаралуу болгон жерди таңуучу кебез жана бинт*).

**ПА'КЛИТЬ** *несов. что* пакля менен бүтөө, тыгындоо.

**ПА'КЛЯ** *ж.* пакля (*үйдүн же кеменин жарыктарын бүтөөгө же машиналарды сүртүүгө жарай турган чатышкан кендир*).

**ПАКОВА'ТЬ** *несов. что* таңуу, байлоо, таңыктоо.

**ПА'КОСТИТЬ** *несов. разг.* **1.** *что* (*грязнить*) булгоо, булганыч кылуу, ыпыластоо, ыпылас кылуу; **2.** *что* (*портить по неумению*) бузуу, бүлдүрүү; **3.** *кому, перен.* (*причинять неприятности*) жамандык кылуу, жаманчылык көрсөтүү.

**ПА'КОСТНИК** *м. разг.* бирөөгө жамандык кылуучу киши, бузуку киши; ыпылас; иш бузар адам.

**ПА'КОСТНЫЙ,** -ая, -ое, *разг.* **1.** (*отвратительный*) эң жаман; **2.** (*делающий пакости*) кара ниет (*киши*).

**ПА'КОСТЬ** *ж. разг.* **1.** (*о поступке*) жамандык, бирөөгө кастык; **2.** (*что-л. отвратительное*) жаман, ыпылас, булганыч, былык; богооз сөз; **не говори́те пáкостей** богооз сүйлөбөңүз.

**ПАКТ** *м. полит.* пакт (*өз ара келишим жөнүндөгү эл аралык договор*); **пакт о ненападéнии** кол салышпоо жөнүндөгү пакт; **пакт о взаи́мной пóмощи** өз ара жардамдашуу жөнүндөгү пакт.

**ПАЛ** I *м. мор.* пал, мамы (*токтоп турган кемени аркан менен байлап бекитүүчү мамы*).

**ПАЛ** II *м. обл.* (*на рисовом поле*) пал (*шалы айдаган жердин палы*).

**ПАЛАНКИ'Н** *м.* паланкин (*Чыгышта бай ак сөөктөрдү салып көтөрүп жүрүүчү чүмбөттүү замбил*).

**ПАЛАНТИ'Н** *м.* палантин (*аялдар ийнине жамынып жүрүүчү мех же баркыт жамынма*).

**ПАЛА'ТА** I *ж.* **1.** палата (*закон чыгаруучу мекеменин аты*); **2.** палата (*бир катар капиталисттик өлкөлөрдө — өкүлдүк мекеменин аты*); **вéрхняя палáта парлáмента** парламенттин жогорку палатасы; **ни́жняя палáта парлáмента** парламенттин төмөнкү палатасы; **3.** (*учреждение*) палата (*мекемелердин аттары*); **палáта мер и весóв** чен жана тараза палатасы; **судéбная палáта** *уст.* сот палатасы; **казённая палáта** *уст.* казыналык палата.

**ПАЛА'ТА** II *ж.* **1.** **палáты** *мн. уст.* заңкайган үй, келишимдүү үй; **кáменные палáты** бышкан кирпичтен салынган заңкайган үй; **2.** (*в больнице*) палата (*ооруканада*); ◇ **у негó умá палáта** *разг.* ал акылга дыйкан, ал акылдын казынасы.

**ПАЛАТАЛИЗА'ЦИЯ** *ж. лингв.* палатализация, таңдайлашуу, таңдай аркылуу ээрчишүү (*үнсүз тыбыштарды айткан убакта тилдин орто жери таңдайга тийип, тыбышты ичкертүү*).

**ПАЛАТАЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. лингв.* палатализациялашуу, таңдайлаштыруу, таңдай аркылуу ээрчиштирүү (*тыбыштардын ичкериши*).

**ПАЛАТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *лингв.* палаталдык, таңдайлашкан (*ичкерген*); **палатáльные звýки** палаталдык тыбыштар.

**ПАЛА'ТКА** *ж.* **1.** (*временное помещение*) чатыр; **разби́ть палáтку** чатыр тигүү; **2.** (*ларёк*) палатка, дүкөнчө; **хлéбная палáтка** нан палаткасы, нан дүкөнчөсү.

**ПАЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **палата** II 2-*ге т.*; палаталык; **палáтная сестрá** палаталык сестра, палатанын сестрасы (*ооруканада*).

**ПАЛА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **палатка** 2-*ге т.*; палаткалык.

**ПАЛА'Ч** *м.* желдет, баш кесер.

**ПАЛА'Ш** *м.* оор кылыч, учу эки миздүү жазы түз кылыч.

**ПА'ЛЕВЫЙ,** -ая, -ое саргыч, саман түстүү, сары коңур.

**ПАЛЁНЫЙ,** -ая, -ое куйкаланган, куйкум, отко какталган; **палёная барáнья тýша** куйкаланган кой; **пáхнет палёным** куйкум жыттанат.

**ПАЛЕО**- *татаал сөздөрдүн «байыркы» деген маанини берүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **палеонтолóгия** палеонтология.

**ПАЛЕО'ГРАФ** *м.* палеограф (*палеография боюнча специалист*).

**ПАЛЕОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **палеография**-*га т.*; палеографиялык; **палеографи́ческий музéй** палеографиялык музей.

**ПАЛЕОГРА'ФИЯ** *ж. филол.* палеография (*байыркы кол жазмалар жана алардын сырткы түрү жөнүндөгү илим*).

**ПАЛЕОЗО'ЙСКИЙ,** -ая, -ое: **палеозóйская э́ра** *геол.* палеозой эрасы, палеозой доору (*жердин тарыхындагы, эң байыркы геологиялык эралардын бирөөнө тиешелүү*).

**ПАЛЕОЛИ'Т** *м. археол.* палеолит (*таш доорунун алгачкы мезгили*).

**ПАЛЕОЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **палеолит**-*ке т.*; палеолиттик; **палеолити́ческие орýдия** палеолит куралдары.

www.bizdin.kg

**ПАЛЕОНТО'ЛОГ** *м.* палеонтолог (*палеонтология боюнча специалист*).

**ПАЛЕОНТОЛО'ГИЯ** *ж.* палеонтология (*катып ташка айланган жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн калдыктары жөнүндөгү илим*).

**ПА'ЛЕЦ** *м.* 1. бармак; **большо́й па́лец** баш бармак; **указа́тельный па́лец** сөөмөй; **безымя́нный па́лец** аты жок; **сре́дний па́лец** ортон, ортон кол; **пока́зывать па́льцем** *на кого-л. бирөөнү* сөөмөйү менен көрсөтүү; 2. *тех.* (*зубец*) тиш (*машина, механизмдердеги тиш*); **по́ршневый па́лец** поршендин тиши; ◇ **знать как свой пять па́льцев** *разг.* беш колундай билүү; **смотре́ть сквозь па́льцы** көрмөксөн болуу, билмексен болуу, көрүп-билип туруп көрмөксөн болуу; **па́лец о па́лец не уда́рить** *или* **па́льцем не шевельну́ть** чөптүн башын сындырбоо; **па́льца в рот не клади́** *разг.* бармагыңды оозуна салба (*тиштеп алат, куу неме*); **по па́льцам пересчита́ть мо́жно** беш колдой саноолу болот, бардыгы эле дайын, белгилүү (*өтө аз*); **он па́льцем никого́ не тро́нет** *разг.* ал кой оозунан чөп албайт; **обвести́** *кого-л.* **вокру́г па́льца** *разг. бирөөнү* будамайлоо, будамайлап алдоо, алдап кетүү; **вы́сосать из па́льца** *разг.* жок жерден чыгара коюу, жок нерсени ойлоп чыгаруу; **как по па́льцам** *разг.* көрүп тургандай (*айтып берүү*); **попа́сть па́льцем в не́бо** *разг.* куру талааны сүйлөө.

**ПАЛИСА'Д** *м.* 1. *уст.* (*ограда*) тосмо дубал; 2. *тех.* (*ряд забитых свай*) палисад (*үйүнду топурактын, урап кетүүчү жерлердин кулап, урап кетпеси үчүн кыдырата тирөөч катарында кагылган мамылар*).

**ПАЛИСА'ДНИК** *м.* палисадник (*үйдүн алдындагы кичинекей бак*).

**ПАЛИСА'НДР** *м.* палисандр (*өтө баалуу тропиктик катуу жыгач*).

**ПАЛИСА'НДРОВЫЙ,** -ая, -ое **палисандр**-*га т.*; **палиса́ндровое де́рево** палисандр жыгачы.

**ПАЛИ'ТРА** *ж.* палитра (*сүрөтчү боёк эзип аралаштыруучу тактайча*).

**ПАЛИ'ТЬ** I *несов.* 1. *кого-что* (*обжигать*) куйкалоо; **пали́ть гу́ся** каз куйкалоо; 2. (*обдавать зноем*) күйгүзүү, куйкалоо; **со́лнце пали́т** күн куйкалайт; 3. *что, разг.* (*жечь*) ыгы жок көп жага берүү; **пали́ть дрова́** жыгач отунду ыгы жок көп жага берүү.

**ПАЛИ'ТЬ** II *несов. разг. уст.* (*стрелять*) аткылоо, октун астына алуу, ок жаадыруу; **пали́ть из пу́шек** замбирек менен аткылоо, замбиректен ок жаадыруу.

**ПА'ЛИЦА** *ж. уст.* күрсү, күрзү, чокмор баш (*эски курал*).

**ПА'ЛКА** *ж.* таяк; ◇ **из-под па́лки** таяктын алдына алып, камчынын алдына алып, айдоо менен; келтектеп (*зордуктап иштетүү*); **вставля́ть па́лки в колёса** *разг.* кедерги жасоо, тоскоолдук кылуу, жолто кылуу, бөгөт болуу.

**ПАЛЛА'ДИЙ** *м. хим.* палладий (*платина менен бирге кездешүүчү күмүштөй жалтыраган металл*).

**ПАЛЛИАТИ'В** *м.* паллиатив (1. *мед. бир аз сергитип гана, бирок такыр айыктыра албаган дары, чара*; 2. *перен. абалды убактылуу гана жеңилдетүүчү чара*).

**ПАЛЛИАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **паллиатив**-*ге т.*; паллиативдик; **паллиати́вное сре́дство** паллиативдик дары, паллиативдик чара.

**ПАЛО'МНИК** *м.* зыяратчы, ажыга бара жаткан киши.

**ПАЛО'МНИЧЕСТВО** *ср.* зыяратка баруу, ажыга баруу.

**ПА'ЛОЧКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **па́лка** таякча, келтекче, кичине таяк, чыбык; **бараба́нные па́лочки** барабандын таякчалары; 2. (*дирижёрская*) чыбык (*дирижёр чыбыгы*); 3. *мед.* палочка, таякча; **па́лочки Ко́ха** Кохтун палочкалары, таякчалары (*туберкулёз бациласы*).

**ПА'ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое **палка**-*га т.*; **па́лочные уда́ры** таяк менен уруу, таяк менен урулган жерлер, таяк тийген жерлер; ◇ **па́лочная дисципли́на** таяк менен тартипке келтирүү; одоно тартип, уруу-согуу менен сакталып турган тартип.

**ПА'ЛТУС** *м. зоол.* палтус (*түндүк деңиздерде жашоочу балык*).

**ПА'ЛУБА** *ж.* палуба (*кеменин бети; кеменин үстү*); **ни́жняя па́луба** төмөнкү палуба; **ве́рхняя па́луба** жогорку палуба.

**ПА'ЛУБНЫЙ,** -ая, -ое **палуба**-*га т.*; палубалык; **па́лубная кома́нда** палубалык команда.

**ПАЛЬБА'** *ж. разг.* аткылоо, ата берүү, баш аламан атуу, ок жаадыруу; **пу́шечная пальба́** замбирек менен аткылоо.

**ПА'ЛЬМА** *ж.* пальма (*ысык жактарда өсө турган өсүмдүктүн бир түрү*); **фи́никовая па́льма** курма пальмасы; **коко́совая па́льма** кокос пальмасы; ◇ **па́льма пе́рвенства** биринчилик даражасы (*абал же натыйжа*).

**ПА'ЛЬМОВЫЙ,** -ая, -ое **пальма**-*га т.*; ◇ **па́льмовая ветвь** пальма бутагы (*тынчтыктын, элдешүүнүн символун билдирет*).

**ПАЛЬТО'** *ср. нескл.* пальто; **ходи́ть в пальто́** пальточон жүрүү.

**ПАЛЬЦЕВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое бармак түрдүү, бармакка окшош, бармак шекилдүү.

**ПАЛЬЦЕВО'Й,** -а́я, -о́е **палец**-*ке т.*

**ПАЛЬЦЕОБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое бармак түрдүү, бармакка окшош.

**ПА'ЛЬЧАТЫЙ,** -ая, -ое *см.* **пальцеобра́зный**; **па́льчатые ли́стья** салаа сыяктуу жалбырактар, салаа-салаа болгон жалбырактар.

**ПА'ЛЬЧИК** *м. уменьш. от* **па́лец** I кичине бармак; ◇ **да́мские па́льчики** (*сорт винограда*) кусейни (*жүзүмдүн бир түрү*); **па́льчики обли́жешь** *разг.* тилиңди тартат (*эң эле таттуу, эң эле даамдуу*).

**ПАЛЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **пали́ть** I; 2. *прил.* куйкалоочу, күйгүзүүчү; **паля́щие лучи́ со́лнца** күндүн куйкалоочу нурлары.

**ПАМПА'СЫ** *только мн. геогр.* пампастар (*Түштүк Америка талааларынын аты*).

**ПАМФЛЕ'Т** *м. лит.* памфлет (*бир нерсеге же бирөөгө каршы жазылган, өз убагы үчүн өтө кызыктуу курч макала*).

**ПАМФЛЕТИ'СТ** *м. лит.* памфлетчи, памфлет жазуучу.

**ПАМФЛЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **памфлет**-*ке т.*; памфлеттик; **памфле́тный стиль** памфлет стили, памфлеттик стиль.

**ПА'МЯТКА** *ж.* эстеткич (*кыскача нускоо; колдонмо катарында жазылган китепче*); **па́мятка садово́да** бакчачыга эстеткич.

**ПА'МЯТЛИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* сергек, унутчаак эмес.

**ПА'МЯТНИК** *м.* 1. эстелик; **па́мятник Пу́шкину в Москве́** Пушкиндин Москвадагы эстелиги; 2. (*надмогильный*) эстелик; 3. (*сохранившийся предмет прошлого*) эстелик (*эски замандан сакталган калдык*); **археологи́ческие па́мятники** археологиялык эстеликтер; **па́мятники пи́сьменности** жазуу эстеликтери.

**ПА'МЯТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*незабываемый*) унутулгус, эсте калган, эстен чыкпас, эстен кетпес; **па́мятное собы́тие** унутулгус окуя, эстен чыкпас окуя; 2. (*для напоминания*) эстеткич; **па́мятная кни́жка** эстеткич китепче.

**ПА'МЯТОВАТЬ** *несов. о ком-чём, уст.* эстөө, эсине түшүрүү, көз алдына элестетүү.

**ПА'МЯТЬ** *ж.* 1. эс; **у него́ хоро́шая па́мять** ал унутчаак эмес; **е́сли мне па́мять не изменя́ет** эгер менин эсимден чыкпаган болсо; **вре́заться в па́мять** көңүлдө орноп калуу, эстен кетпей калуу, ойдон чыкпай калуу, жат болуп калуу; 2. (*воспоминание*) эстелик, эскерме, эскерткич, эстөө, эсте тутуу; **храни́ть па́мять о поги́бших геро́ях** курман болгон баатырларды эсте сактоо; **подари́ть на па́мять** эстелик үчүн сыйлап берүү, эстелик кылып берүү; 3. (*сознание*) эс; **больно́й лежа́л без па́мяти** оору адам эсинен танып жатты; ◇ **люби́ть без па́мяти** аябай, абдан сүйүү; эс-учун билбей

www.bizdin.kg

сүйүү; **это было на нашей памяти** бул биздин эле учурубузда болгон; **по старой памяти** адатындай эле, көндүмүндөй эле, адат болуп калгандыктан; **выучить на память** жаттап окуп алуу; **говорить на память** жатка айтуу (*мис. цитатаны*); **прийти на память** эсине келүү (*мурун унутуп койгон нерсе кайра эсине келүү*); **вечная память** түбөлүк эсте сакталсын; **куриная память** *шутл.* унутчаак.

ПАН *м. уст.* пан (*польшалык помещик*); ◇ **либо пан, либо пропал** *погов.* тобокел — эрдин жолдошу.

ПАН- *татаал сөздөрдүн «бардык», «жалпы» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү, мис.* **панисламизм** панисламизм

ПАНА'МА I *ж.* (*шляпа*) панама (*жазы талаалуу жайкы шляпанын бир түрү*).

ПАНА'МА II *ж.* (*мошенничество*) панама (*паралоо жолу менен иштелген ири митаамчылык*).

ПАНАЦЕ'Я *ж.* панацея (*бардык оорудан, балаадан айыктыруучу чара, дары*); **панацея от всех зол** *перен.* бардык кырсыктан куткаруучу чара, бардык балаадан дабаа.

ПАНБА'РХАТ *м.* панбаркыт (*жибек баркыттын бир түрү*).

ПАНЕГИ'РИК *м. лит.* панегирик (*ашыра мактоо, ыгы жок мактоо*).

ПАНЕГИРИ'СТ *м. лит.* панегирист (*ашыра мактоочу, ыгы жок мактоочу*).

ПАНЕГИРИ'ЧЕСКИЙ, -ая, -ое **панегирик**-*ке т.*; панегириктик; **панегирическая речь** панегириктик сөз.

ПАНЕ'ЛЬ *ж.* 1. (*тротуар*) панель; 2. (*на стенах*) панель (*үйдүн ички дубалынын төмөн жагына бойлото капталган тактай же жыгач түстүү кылып боёлгон тилке*); **панель из орехового дерева** жаңгак жыгачынан жасалган панель.

ПАНИБРА'ТСКИЙ, -ая, -ое *разг.* ыгы жок теңтуштук; **панибратское отношение** ыгы жок теңтушсунган мамиле.

ПАНИБРА'ТСТВО *ср. разг.* ыгы жок теңтушсунгандык.

ПА'НИКА *ж.* паника, корккондуктан дүрбөлөң, чакчелекей, кым-куут түшүү; **не впадать в панику** дүрбөлөң түшпөө.

ПАНИКЁР *м.* паникёр (*ойт берме киши, кут учуруучу, кут качыруучу, дүрбөлөңчү, дүрбөлөң салуучу*).

ПАНИКЁРСТВО *ср.* паникёрчулук (*кут учуруучулук, кут качыруучулук, коркунуч салуучулук, дүрбөлөң салуучулук*).

ПАНИКЁРСТВОВАТЬ *несов. разг.* паникёрдук кылуу (*кут учуруу, кут качыруу, дүрбөлөң түшүрүү*).

ПАНИКЁРША *женск. р. к* **паникёр**.

ПАНИХИ'ДА *ж. церк.* жаназа; ◇ **гражданская панихида** граждандык жаназа (*өлгөн адамды көмөр алдында анын эстелигине арналган чогулуш*).

ПАНИ'ЧЕСКИЙ, -ая, -ое 1. (*проникнутый паникой*) паникалык, кут учкан, кут качыруучу, дүрбөлөңгө түшкөн; **панический ужас** кут качыруучу коркунуч; 2. *разг.* (*поддающийся панике*) куту кача берүүчү, үрөйү уча берүүчү, ойт берме; **панический человек** ойт берме адам.

ПАННО' *ср. нескл.* панно (1. *архит. потолоктун, дубалдын живопись, скульптура же орнамент менен кооздолгон бөлүгү*; 2. *дубалдын бир жагын бүт ээлөөчү калың кездемеге тартылган чоң картина*).

ПАНОРА'МА *ж.* 1. (*вид*) панорама (*бийиктен көрүнгөн кең көрүнүш*); **панорама города** шаардын панорамасы; 2. (*картина*) панорама (*жарыгы төбөсүнөн түшүп турган тегерек бөлмөнүн бооруна тартылган чоң сүрөт*); 3. *воен.* панорама (*артиллериялык орудиелерде оптикалык прибор*).

ПАНСИО'Н *м.* 1. *уст.* (*учебное заведение*) пансион (*революцияга чейинки Россияда — жатаканалуу орто мектеп*); 2. *уст.* (*род гостиницы*) пансион (*туруучуларды бардык жагынан тейлеп багып туруучу кичине гостиница*); 3. (*полное содержание*) пансион (*бирөөнүн үйүндө акча төлөп тамак ичип, жатып туруу*); **жить на полном пансионе** толук пансиондо туруу.

ПАНСИОНА'Т *м.* пансионат.

ПАНСИОНЕ'Р *м. уст.* пансионер (1. *пансиондун окуучусу*; 2. *пансиондо туруучу*).

ПА'НСКИЙ, -ая, -ое **пан**-*га т.*

ПА'НСТВО *ср.* 1. *собир. уст.* пандар, пандар тобу; 2. *перен. неодобр.* кокураюу, манапча кокураюу.

ПАНТАЛО'НЫ *только мн. уст.* панталон (*эркектин ыштаны же аялдын дамбалы*).

ПАНТАЛЫ'К *м.*: **сбить с панталыку** *кого-л. разг.* адаштыруу, кангытуу, жинди кылып салуу; **сбиться с панталыку** *разг.* баш айланып, эмне кыларын билбей калуу.

ПАНТЕИ'ЗМ *м. филос.* пантеизм (*кудайды жаратылыш менен окшоштуруучу диний-философиялык көз караш*).

ПАНТЕИ'СТ *м.* пантеист (*пантеизмдин жолун жолдоочу*).

ПАНТЕИСТИ'ЧЕСКИЙ, -ая, -ое **пантеизм**-*ге т.*; пантеисттик.

ПАНТЕО'Н *м.* пантеон (1. *атактуу адамдардын сөөгү сакталуучу имарат*; 2. *байыркы гректердин жана римдиктердин бир нече кудайга арналган жайы*; 3. *айрым бир диндин кудайларынын жыйынтыгы*).

ПАНТЕ'РА *ж.* пантера (*илбирс сыяктуу чоң жырткыч*).

ПАНТО'ГРАФ *м. тех.* пантограф (*чертёждордун, пландардын копиясын түшүрүүчү прибор*).

ПАНТОМИ'МА *ж. театр.* пантомима (*сөз сүйлөбөстөн ымдоо, жаңдоо аркылуу ойнолуучу театр оюну*).

ПА'НТЫ *только мн.* панты (*жаш маралдын жана чаар бугунун дары жасалууга колдонулуучу мүйүзү*).

ПА'НЦИРНЫЙ, -ая, -ое *зоол.* калкандуу; **панцирные рыбы** калкандуу балыктар.

ПА'НЦИРЬ *м.* 1. *уст.* (*латы*) калкан, чопкут, соот; 2. *зоол.* калкан (*кээ бир жаныбарлардын сырткы катуу кабырчыгы*); **панцирь черепахи** таш бакалын калканы.

ПА'ПА I *м.* (*отец*) ата.

ПА'ПА II *м. церк.* (*глава католической церкви*) папа (*католиктик чиркөөнүн эң жогорку башчысы*).

ПАПА'ХА *ж.* папаха, бапак (*шокшогой көрпө тебетей*).

ПАПА'ША *м. разг.* 1. (*отец*) атаке; 2. (*обращение*) аке, карыя, аксакал.

ПА'ПЕРТЬ *ж. церк.* паперть (*чиркөөгө кире бериштеги тепкич*).

ПАПИЛЬО'ТКА *ж.* папильотка (*чачты тармалдатуу үчүн колдонулуучу кагаз*).

ПАПИРО'СА *ж.* папироса.

ПАПИРО'СНЫЙ, -ая, -ое **папироса**-*га т.*; **папиросная фабрика** папироса фабрикасы; **папиросная бумага** папироса кагазы.

ПАПИ'РУС *м.* папирус (1. *бот. тропиктик камыш өсүмдүк*; 2. *ист. байыркы египеттиктер ж. б. элдер жазуу үчүн колдонгон ушул өсүмдүктөн жасалган материал*).

ПА'ПКА *ж.* папка, мукаба; **папка для бумаг** кагаз салуучу папка; **книга в папке** папкага салынган китеп.

ПА'ПОРОТНИК *м. бот.* папоротник (*көк жалбырактуу гүлсүз өсүмдүк*).

ПА'ПОРОТНИКОВЫЕ *мн.* (*ед.* **папоротниковое** *ср.*) папоротник сыяктуулар.

ПАППАТА'ЧИ *ср. нескл. мед.* (*лихорадка*) паппатачи (*калтыратма оорунун бир түрү*).

ПАПУА'С *м.* папуас.

ПАПУА'СКА *женск. р. к* **папуас**.

ПАПУА'ССКИЙ, -ая, -ое **папуас**-*ка т.*

ПАПУА'СЫ *мн.* папуастар.

ПАПЬЕ'-МАШЕ' *ср. нескл.* папье-маше (*ар түрдүү нерселер жасоо үчүн гипс, желим менен аралаштырылган катуу кагаз массасы*); **игрушки из папье-маше** папье-машеден жасалган оюнчуктар.

ПАР I *м.* буу, пар; **превращение жидкости в пар** суюктуктун бууга айланып кетиши; ◇ **на всех парах** *разг.* жан-алакетке түшүп, шашылып, аябай шашылып; **задать пару**

www.bizdin.kg

*разг.* жан терин чыгаруу, абдан тилдөө, урушуу; **поддáть пáру** *разг.* аракетти күчөтүү; **быть под парáми** (*о паровозе, пароходе*) жөнөп кетүүгө даяр болуп туруу (*паровоз, пароход жөнүндө*).

**ПАР** II *м. с.-х.* шудүгөр (*бир жыл кысыр калтырган аңыз, дем берип айдалган жер*); **землá под пáром** шудүгөр кылып айдалган жер.

**ПА'РА** *ж.* 1. эки даана; **пáра я́блок** *разг.* эки даана алма; 2. эки бирдей, пар, жуп, эки даана, түгөй; **пáра чулóк** жуп байпак; **пáра сапóг** жуп өтүк; 3. (*запряжка*) кош; **éздить на пáре лошадéй** кош ат чегилген арабага түшүп жүрүү; 4. (*о людях*) түгөй, жубай, тең; **супрýжеская пáра** эрди-катын; 5. *уст.* костюм (*шым жана бешмант*); **он пришёл в нóвой пáре** ал жаңы костюм кийип келиптир; ◇ **он тебé не пáра** ал сага тең эмес; **вы́звать на пáру слов** бир-эки сөз айтууга чакыруу; **два сапогá пáра** *разг.* окшошконго жарашкан, эшегине жараша тушагы.

**ПАРАБЕ'ЛЛУМ** *м.* парабеллум (*тез аткыч пистолеттин* (*тапанчанын*) *бир түрү*).

**ПАРА'БОЛА** *ж. мат.* парабола (*математикада — конус менен тегиздиктин кесилишинен пайда болгон ийри сызык*).

**ПАРА'ГРАФ** *м.* 1. (*раздел*) параграф; **прочти́те вторóй парáграф** экинчи параграфты окуңуз; 2. (*знак* §) параграф (§ *белгиси*).

**ПАРА'Д** *м.* парад; **первомáйский парáд** биринчи май парады; **принимáть парáд** парадды кабыл алуу; ◇ **быть в пóлном парáде** *разг.* парадга чыкчудай түрдө болуу, жакшы кийимдерин кийип алуу.

**ПАРАДИ'ГМА** *ж. грам.* парадигма (*сөздөрдүн жөндөлүшүнүн же жиктелишинин үлгүсү*).

**ПАРА'ДНОСТЬ** *ж.* салтанаттуулук, шандуулук.

**ПАРА'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. **парад**-*га т.*; **парáдное шéствие** парад менен жүрүш, салтанаттуу жүрүш; **парáдный костю́м** парадга кийүүчү костюм; 2. (*праздничный*) салтанаттуу, шандуу; параддык; **парáдная фóрма** парад формасы; **парáдное плáтье** парадга (салтанатка, той-тамашага) кийилүүчү көйнөк; 3. (*главный — о входе в дом*) көчө жакка чыгуучу; **парáдная дверь** көчө жакка чыгуучу эшик; 4. *в знач. сущ. ср.* көчө жактагы эшик, көчө жактан кирүүчү чоң эшик, сыртка чыгуучу негизги эшик; **войти́ с парáдного** көчө жактагы эшиктен кирүү; 5. (*показной*) курулай шаңга, будамайлоо үчүн жасалган; **парáдная сторонá дéла** иштин курулай шаңга, көрсөтүү үчүн жасалган жагы, иштин чыныгы жагы эмес.

**ПАРАДО'КС** *м.* парадокс (*адат болуп калган, калып алып калган пикирге кайчы келе турган жана акылга сыйбай турган пикир*).

**ПАРАДОКСА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* парадоксалдык (1. *адат болуп калган, калып алып калганга кайчы келген жана акылга сыйбаган түрдө иштелген иш же айтылган пикир*; 2. *перен. укмуштуулук*).

**ПАРАДОКСА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое парадоксалдуу; **парадоксáльный вы́вод** парадоксалдуу корутунду.

**ПАРАЗИ'Т** *м.* 1. *биол.* паразит, мите (*башка организмдин эсебинен жашоочу өсүмдүк же жаныбар*); 2. *перен. презр.* паразит, арам тамак, жатып ичер.

**ПАРАЗИТА'РНЫЙ,** -ая, -ое паразиттик, митечилик; **паразитáрная жизнь** паразиттик турмуш, митечилик турмуш.

**ПАРАЗИТИ'ЗМ** *м.* 1. *биол.* паразитизм, митечилик; 2. *перен. презр.* паразитизм, митечилик, арам тамактык, жатып ичүүчүлүк.

**ПАРАЗИТИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. *биол.* паразит болуу, мите болуу; 2. *перен. презр.* арам тамактык менен оокат кылуу, күн көрүү.

**ПАРАЗИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **паразитизм**-*ге*, **паразит**-*ке т.*; паразиттик; **паразити́ческие растéния** мите өсүмдүктөр; **паразити́ческий óбраз жи́зни** паразиттик турмуш.

**ПАРАЗИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **паразит** 1-*ге т.*; **паразúтные грибы́** мите козу карындар.

**ПАРАЗИТОЛО'ГИЯ** *ж.* паразитология (*паразиттерди изилдөөчү жана алар менен күрөшүүчү илим*).

**ПАРАЛИЗО'ВАННОСТЬ** *ж.* 1. *мед.* паралич болгондук, шал болгондук; 2. *перен.* шалдайгандык.

**ПАРАЛИЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **парализовáть**; 2. *прил. мед.* паралич болгон, шал болгон; 3. *прил. перен.* шалдайган, күчү кеткен, алсыраган, бошоңку тарткан.

**ПАРАЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* 1. *мед.* паралич кылуу, шал кылуу; **у негó парализóвана прáвая рукá** анын оң колу шал болуп калган; 2. *перен.* шалдайтуу, күчсүздөндүрүү, күчүн кетирүү, алсыратуу; **страх парализовáл протúвника** коркунуч душманды алсыратып таштады.

**ПАРАЛИ'ТИК** *м. мед.* паралитик, шал, паралич болуп ооруган киши.

**ПАРАЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **паралитик**-*ке т.*

**ПАРАЛИ'Ч** *м. мед.* паралич, шал, шал ооpу, сенек; **егó разби́л паралúч** ал шал ооpу болуп калды; **разби́тый параличóм** шал ооpу болуп калган адам, шал болуп ооруган.

**ПАРАЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **паралич**-*ке т.*; **паралúчный больнóй** шал оорулуу адам.

**ПАРАЛЛЕЛЕПИ'ПЕД** *м. мат.* параллелепипед (*карама-каршы жактары катар жана бирдей болгон алты кырдык*).

**ПАРАЛЛЕЛИ'ЗМ** *м.* 1. *мат.* параллелизм (*сызыктардын бир ыраактыкта катарлашып кетиши*); 2. *перен.* параллелизм (*көрүнүштөрдүн бирдейлиги, жанаша жүрүшү, бир эле иштин бир нече жерде катар иштелиши*); **параллелúзм в рабóте двух учреждéний** эки мекеменин ишиндеги параллелизм.

**ПАРАЛЛЕЛОГРА'ММ** *м. мат.* параллелограмм (*карама-каршы жактары катар жана бирдей төрт бурчтук*).

**ПАРАЛЛЕ'ЛЬ** *ж.* 1. *мат.* параллель (*арасы бирдей эки жарыш сызык*); 2. *геогр.* параллель (*жер шарынын ойдон алынып сызылган экваторго барабар жарыш сызыктары*); 3. *перен.* (*сравнение, сопоставление*) окшош, бирдей, тең, барабар; **провести́ параллéль** окшоштуруу.

**ПАРАЛЛЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж. мат.* параллелдик, параллелдүүлүк (*мейкиндиктеги аралыгы бирдей болгон сызыктардын катардыгы*).

**ПАРАЛЛЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. **параллель** 1-*ге т.*; параллелдик, параллелдүү; 2. *перен.* окшош, бирдей; **параллéльная рабóта двух учреждéний** эки мекеменин окшош иши; ◇ **параллéльная валю́та** *эк.* параллелдик валюта (*тең барабар жүрө турган эки же андан көп валюта*); **параллéльное соединéние проводникóв** *эл.* өткөргүчтөрдү катар бириктирүү (кошуу).

**ПАРАЛОГИ'ЗМ** *м. филос.* паралогизм (*логикалык каталыктын негизинде чыгарылган жалган ой жорутуу*).

**ПАРАНДЖА'** *ж.* паранжы, беренжи.

**ПАРАПЕ'Т** *м.* парапет, тосмо (*көп бийик эмес дубал, тосмо*); **парапéт мóста** көпүрөнүн эки жагындагы тосмосу.

**ПАРАТИ'Ф** *м. мед.* паратиф (*кара келте*).

**ПАРАФИ'Н** *м. хим., тех.* парафин (*нефтиден чыгарылуучу чайыр сыяктуу ак эриме зат*).

**ПАРАФИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **парафин**-*ге т.*; **парафúновые свéчи** парафин шамдар.

**ПАРАФИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, дип.* парафирдөө (*макулдугун билгизип, алдын ала бир нерсеге өз атынын жана фамилиясынын баш тамгасын коюу*); **парафúровать договóр** келишимди (договорду) парафирдөө.

**ПАРАФРА'З** *м. см.* **парафрáза.**

**ПАРАФРА'ЗА** *ж.* парафраза (1. *лит.* кандайдыр бир текстинин, ойдун, сөздүн маанисин көп сөз менен айтып түшүндүрүп берүү; 2. *муз.* бирөөдөн алынган тема боюнча жазылган музыкалык фантазия).

www.bizdin.kg

**ПАРАФРАЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, лит., муз.* парафразалоо.

**ПАРАШЮ'Т** *м.* парашют; **прыгать с парашютом** парашют менен секирүү; **сбросить на парашюте** парашют менен таштоо.

**ПАРАШЮТИ'ЗМ** *м.* парашютизм (*спорттун бир түрү— парашют менен секирүү*).

**ПАРАШЮТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* жай учуу, калкып учуу (*самолёттун жай, калкып учушу*).

**ПАРАШЮТИ'СТ** *м.* парашютист, парашютчу.

**ПАРАШЮТИ'СТКА** *женск. р. к* **парашютист**; парашютистка.

**ПАРАШЮ'ТНЫЙ,** -ая, -ое парашют-*ке т.*; **парашютный десант** парашют десанты; **парашютная вышка** парашют вышкасы (*парашют менен секирүү үчүн жасалган мунара*).

**ПАРЕНЁК** *м. разг. уменьш.-ласк. от* **парень** жигит, жигитек, боз бала.

**ПАРЕ'НИЕ** *ср.* калкуу, калкып учуу; **парение орла** бүркүттүн калкып учушу.

**ПА'РЕНЫЙ,** -ая, -ое бууга бышырылган, демделген, демдеп бышырылган; **пареные овощи** бууга бышырылган жашылчалар; ◇ **дешевле пареной репы** *погов.* текейден да арзан.

**ПА'РЕНЬ** *м.* (*мн.* **парни**) *разг.* **1.** (*юноша*) жигит, боз бала, улан; **он — неплохой парень** ал жаман жигит эмес; **2.** (*мужчина*) киши, адам (*эркек*).

**ПАРИ'** *ср. нескл.* мелдеш, сайыш; **держать пари** мелдешүү, сайышуу; **выиграть пари** сайышты утуп алуу.

**ПАРИЖА'НИН** *м.* париждик (*Париж шаарында турган эркек*).

**ПАРИЖА'НКА** *женск. р. к* **парижанин**; парижанка.

**ПАРИ'ЖСКИЙ,** -ая, -ое Париж-*ге т.*; **Парижская коммуна** Париж коммунасы.

**ПАРИ'К** *м.* парик (*жасама чач*).

**ПАРИКМА'ХЕР** *м.* парикмахер, чачтарач.

**ПАРИКМА'ХЕРСКАЯ** *ж.* парикмахерская, чачтарач (*чач алуучу жай*).

**ПАРИКМА'ХЕРСКИЙ,** -ая, -ое **парикмахер**-*ге т.*

**ПАРИКМА'ХЕРША** *разг. женск. р. к* **парикмахер**.

**ПАРИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бууландыруучу, буулай турган.

**ПАРИ'ЛЬНЯ** *ж.* **1.** (*в бане*) буукана; **2.** (*на фабрике*) буукана, буулантыруучу жай, буулантуучу (*мис. бөлүм*).

**ПАРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* **1.** (*в фехтовании*) коргонуп кайта кагуу; **2.** *перен.* жооп кайтаруу, жооп табуу; **парировать доводы оппонентов** оппоненттердин далилдерине жооп кайтаруу (жооп табуу).

**ПАРИТЕ'Т** *м.* паритет (**1.** *теңдик, барабардык, тең укуктуулук*; **2.** *эк. түрдүү мамлекеттердин валюталарын алтын менен салыштырганда туура келиштери, айырмасы*).

**ПАРИТЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **паритет**-*ке т.*; тең укуктуу, барабар; **на паритетных началах** тең укуктуулукка негизделип; **паритетное представительство** паритетке негизделген өкүлдүк, тең укуктуу өкүлдүк.

**ПА'РИТЬ** I *несов.* **1.** *что* (*печь в своём соку*) буулоо, буулындыруу, буулантуу, буулап бышыруу, бууга бышыруу; **парить репу** шалгамды буулап бышыруу; **2.** *что* (*очищать паром*) буулоо, буулап тазартуу; **парить бельё** кирди буулантуу, кайнатуу; **3.** *кого-что* (*истреблять паром*) буулап кыруу, буулап жок кылуу (*мис. кийимдеги битти*); **4.** *кого-что* (*в бане*) шыпыргы менен чапкылоо; **5.** *безл.* думуктуруу, думуктуруп ысытуу, үп боло баштоо; **перед грозой парит** чагылгандуу жаан алдында аба коюлуп, үп боло баштайт.

**ПА'РИТЬ** II *несов. что, с.-х.* жерди шүдүгөр кылуу, жерди буулантуу; **парить пашню** айдоо жерди шүдүгөр кылып коюу.

**ПАРИ'ТЬ** *несов.* калкуу, калкып учуп жүрүү; **орёл парит высоко в небе** бүркүт өтө бийик асманда калкып учуп жүрөт; **парить в облаках** 1) булутту аралап калкып учуп туруу; 2) *перен.* оюу, санаасы капкайда болуу; оюу, санаасы алда каякка чаргуу; кыялы чаргуу.

**ПА'РИТЬСЯ** *несов.* **1.** (*в бане*) буулануу, шыпыргы менен чапкылануу; **2.** *перен. разг.* (*страдать от жары*) ысылап кетүү, ысылап кыйналуу, кара терге түшүү, аябай тердөө.

**ПА'РИЯ** *м.* **1.** *уст.* (*у индийцев*) пария (*эң бир укукка ээ болбогон, бардык укуктан ажыраган сословиенин адамы*); **2.** *перен.* кемсинтилген, эзилген, укуксуз киши.

**ПАРК** *м.* **1.** парк, бак (*абдан жайлуу чоң бак*); **парк культуры и отдыха** маданият жана дем алуу багы; **разбить парк** парк жасоо, парк тигүү; **2.** *воен.* парк (*армияны жабдуучу көчмө склад*); **3.** (*место стоянки и ремонта*) парк (*машина, трамвай ж. б. турууучу жана ремонттолуучу жай*); **трамвайный парк** трамвай паркы; **4.** (*подвижной состав*) парк (*кыймылдоочу состав*); **тракторный парк** трактор паркы (*б. а. бүт тракторлор*).

**ПАРКЕ'Т** *м.* паркет (*майда тактайдан төшөлүп жасалган пол*); **настилать паркет** паркет төшөө.

**ПАРКЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **паркет**-*ке т.*; паркеттелген; **паркетный пол** паркет пол, паркеттелген пол.

**ПАРЛА'МЕНТ** *м. полит.* парламент (*конституциялык мамлекеттерде закон чыгаруучу өкүлдүк жогорку чогулуш*).

**ПАРЛАМЕНТАРИ'ЗМ** *м. полит.* парламентаризм (*башында парламент турган буржуазиялык мамлекеттик түзүлүш*).

**ПАРЛАМЕНТА'РИЙ** *м. полит.* парламенттин мүчөсү.

**ПАРЛАМЕНТА'РНЫЙ,** -ая, -ое *полит.* парламенттик; **парламентарный строй** парламенттик түзүлүш.

**ПАРЛАМЕНТЁР** *м.* парламентёр, элчи (*согушта душман менен жарашуу жөнүндө сүйлөшүүлөр жүргүзүүгө жиберилген элчи*).

**ПАРЛА'МЕНТСКИЙ,** -ая, -ое **парламент**-*ке т.*; парламенттик; **парламентская фракция** парламенттик фракция.

**ПАРНИ'К** *м.* парник (*эрте бышуучу жашылчаларды өстүрүү үчүн үстү алынып коюлма айнектелген рамалар менен жабылган жай*).

**ПАРНИКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **парник**-*ке т.*; **парниковые огурцы** парникте өстүрүлгөн бадыраң.

**ПАРНИ'ШКА** *м. прост.* бала, өспүрүм бала (*эркек*).

**ПАРНО'Й,** -ая, -ое жылуу, жаңы; **парное молоко** жаңы саалган сүт; **парное мясо** жаңы союлган эт.

**ПАРНОКОПЫ'ТНЫЕ** *мн.* (*ед.* **парнокопытное** *ср.*) *зоол.* ача туяктуулар (*ача туяктуу сүт эмүүчү айбандар, мис. кой, эчки, уй ж. б.*).

**ПА'РНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жуп, кош, эки; **парные листья** *бот.* жуп жалбырактар, кош жалбырактар; **2.** (*возимый парою лошадей*) кош аттык, эки аттык, кош ат чегилүүчү; **парный экипаж** кош ат чегилген экипаж; **3.** *спорт.* экиден, жуп болуп; **парная гребля** жуп болуп кайык айдоо.

**ПАРО-** *буунун аракетине байланыштуу, бууга тиешелүү, буулуу деген маанини берүүчү татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү*; *мис.* **парообразование** буунун пайда болушу, буунун түзүлүшү.

**ПАРОВИ'К** *м.* **1.** *тех.* (*паровой котёл*) паровик (*буу казаны*); **2.** *разг.* (*паровой поезд*) буу менен жүрүүчү поезд (*электр менен эмес*).

**ПАРОВО'З** *м.* паровоз.

**ПАРОВО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **паровоз**-*го т.*; **паровозное депо** паровоз депосу.

**ПАРОВОЗОРЕМО'НТНЫЙ,** -ая, -ое паровоз ремонттоочу; **паровозоремонтный завод** паровоз ремонттоочу завод.

**ПАРОВОЗОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* паровоз куруу, паровоз жасоо.

www.bizdin.kg

**ПАРОВОЗОСТРОИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое паровоз жасоочу, паровоз куруучу; **паровозостройтельный завод** паровоз куруучу завод.

**ПАРОВО'Й** I, -ая, -ое 1. пар I-*ге т.*; **паровое отопление** буу менен жылытуу; 2. *тех.* буу менен аракет кылуучу; **паровой двигатель** буу менен аракет кылуучу кыймылдаткыч, буу кыймылдаткычы; 3. *кул.* буууда жасалган, буууда бышырылган; **паровые пельмени** бууга бышырылган чүчпара (мантуу).

**ПАРОВО'Й** II, -ая, -ое *с.-х.* шудугөр, буулантма; **паровое поле** шудугөр кылып коюлган талаа.

**ПАРОГЕНЕРА'ТОР** *м. тех.* парогенератор, буу генератору.

**ПАРОДИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое пародиялуу, күлкүлүү, какшыктуу, мыскылдуу; **пародийное произведение** пародиялуу чыгарма (*бирөөнү же бир нерсени куудулдук формада күлкүлүү кылып тууураган чыгарма*).

**ПАРОДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* 1. *лит.* пародиялоо; 2. *перен.* (*представлять в смешном виде*) күлкүгө айландыруу, маскара кылып көрсөтүү, мыскылдоо.

**ПАРО'ДИЯ** *ж.* пародия (1. *лит. бирөөнү же бир нерсени куудулдук формада күлкүлүү кылып тууроо*; 2. *перен. кейпин бузуп, жөнсүз, ылайыксыз тууроо*).

**ПАРОКО'ННЫЙ,** -ая, -ое кош аттуу, эки ат чегилген, эки аттык; **пароконный плуг** кош аттуу соко.

**ПАРОКСИ'ЗМ** *м.* 1. *мед.* пароксизм (*оорунун кез-кези менен кармашы*); 2. *перен.* пароксизм, туткак, туткап; **он это сделал в пароксизме отчаяния** ал муну таптакыр айласы түгөнгөндүктөн туткабы кармап иштеди.

**ПАРО'ЛЬ** *м.* пароль (*өз адамы экенин билүүгө колдонула турган жашыруун сөз, шарттуу белги*).

**ПАРО'М** *м.* паром (*адамдарды, жүктү, ат-арабаны суудан өткөрө турган чоң жалпак калаксыз кайык же сал*).

**ПАРО'МНЫЙ,** -ая, -ое паром-*го т.*; **паромная переправа** паром менен өткөрүү, паром кечими.

**ПАРО'МЩИК** *м. разг.* паромчу (*паромду жүргүзүүчү киши*).

**ПАРООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое *физ.* буу сымал, буу сыяктуу; **парообразное состояние вещества** заттын буу сыяктуу абалы.

**ПАРООБРАЗОВА'НИЕ** *ср.* буунун пайда болушу, буунун түзүлүшү.

**ПАРОПРОВО'Д** *м. тех.* паропровод, буу өткөргүч.

**ПАРОРАСПРЕДЕЛИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* буу бөлүштүргүч (*буу кыймылдаткычтын цилиндриндеги бууну автоматтуу түрдө бөлүштүрүүчү механизм*).

**ПАРОХО'Д** *м.* пароход; **пассажирский пароход** пассажир пароходу.

**ПАРОХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое пароход-*го т.*; **пароходное сообщение** пароход катнашы.

**ПАРОХО'ДСТВО** *ср.* 1. пароходство; **развитие пароходства** пароходствону өрчүтүү; 2. (*предприятие*) пароходство (*пароход транспортун башкаруучу уюм, мекеме*).

**ПАРТ:** *«партийлык» деген сөздөн алынган; мис.* **партактив** партактив (партиялык актив).

**ПА'РТА** *ж.* парта; **сесть за парту** партага отуруу.

**ПАРТАКТИ'В** *м.* (партийный актив) партактив (партиялык актив).

**ПАРТБИЛЕ'Т** *м.* (партийный билет) партбилет (партия билети).

**ПАРТБЮРО'** *ср. нескл.* (партийное бюро) партбюро (партиялык бюро).

**ПАРТВЗНО'С** *м.* (партийный взнос) партвзнос (партиялык взнос).

**ПАРТВЗЫСКА'НИЕ** *ср.* (партийное взыскание) партиялык жаза.

**ПАРТГРУ'ППА** *ж.* (партийная группа) партгруппа (партиялык группа).

**ПАРТДИСЦИПЛИ'НА** *ж.* (партийная дисциплина) партиялык тартип, партия тартиби.

**ПАРТЕ'Р** *м.* партер (*театр залынын төмөнкү орундары*); **сидеть в партере** партерде отуруу.

**ПАРТИ'ЕЦ** *м. разг.* партиец (*партиянын мүчөсү*).

**ПАРТИЗА'Н** *м.* партизан (*партизандык согуштун катышуучусу, партизандык отряддын бөөци*).

**ПАРТИЗА'НИТЬ** *несов. разг.* партизандык кылуу.

**ПАРТИЗА'НКА** *женск. р. к* **партизан**; партизанка.

**ПАРТИЗА'НСКИЙ,** -ая, -ое **партизан**-*га т.*; партизандык; **партизанский отряд** партизан отряды; **партизанская война** партизандык согуш.

**ПАРТИЗА'НЩИНА** *ж.* партизанщина (1. *партизандар кыймылы*; 2. *перен. уюмдашпастан, баш аламан, чаржайыт иштелген аракет*).

**ПАРТИ'ЙНОСТЬ** *ж.* 1. (*принадлежность к партии*) партиялуулук (*партияда бар болуучулук, партияга мүчө болуучулук*), 2. партиялуулук (*коммунистик партиянын духуна, анын программасына жана идеологиясына туура келүүчүлүк*); **партийность в работе** иштеги партиялуулук.

**ПАРТИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое 1. **партия** I-*ге т.*; партиялык; **партийная организация** партия уюму; **партийный комитет** партиялык комитет; **партийное поручение** партиялык тапшырма; 2. *в знач. сущ. м., ж.* партия мүчөсү, КПССтын мүчөсү.

**ПАРТИКУЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* жөнөкөй, граждандар кийүүчү (*кийим*).

**ПАРТИТУ'РА** *ж. муз.* партитура (*оркестр, хор үчүн жазылган музыкалык чыгарманын бардык партияларынын жыйындысы*).

**ПА'РТИЯ** I *ж. полит.* партия; **Коммунистическая партия Советского Союза** Советтер Союзунун Коммунистик Партиясы.

**ПА'РТИЯ** II *ж.* 1. (*группа, отряд*) партия (*отряд, топ, мис. геологиялык отряд*); 2. (*количество чего-л.*) топ, партия (*бир жолу иштелген же жиберилген нерсе*); **получена новая партия товара** товардын жаңы тобу алынды; 3. *муз.* партия (*көп үндүү музыкалык чыгарманын бир бөлүгү*); **партия скрипки** скрипканын партиясы (*скрипка ойноолуучу бөлүк*); 4. (*в игре*) партия (*саам*); **сыграть партию в шахматы** бир партия шахмат ойноо; 5. *уст.* (*брак*) партия, тең; **он для неё не партия** ал (*эркек*) ага (*аялга, кызга*) тең эмес (*байлык же социалдык абалы жагынан*).

**ПАРТКАБИНЕ'Т** *м.* (партийный кабинет) парткабинет (партиялык кабинет).

**ПАРТКО'М** *м.* (партийный комитет) партком (партиялык комитет).

**ПАРТКОНФЕРЕ'НЦИЯ** *ж.* (партийная конференция) партконференция (партиялык конференция).

**ПАРТНЁР** *м.* партнёр (*шерик, өнөк*).

**ПАРТНЁРША** *женск. р. к* **партнёр**.

**ПАРТО'РГ** *м.* (партийный организатор) парторг (партиялык уюштуруучу).

**ПАРТОРГАНИЗА'ЦИЯ** *ж.* (партийная организация) партиялык уюм.

**ПАРТПРОСВЕЩЕ'НИЕ** *ср.* (партийное просвещение) партиялык агартуу иштери.

**ПАРТРАБО'ТА** *ж.* (партийная работа) партиялык иштер.

**ПАРТРАБО'ТНИК** *м.* (партийный работник) партиялык кызматкер.

**ПАРТСОБРА'НИЕ** *ср.* (партийное собрание) партия чогулушу, партиялык чогулуш, партиялык жыйналыш.

**ПАРТСТА'Ж** *м.* (партийный стаж) партиялык стаж.

**ПАРТСЪЕ'ЗД** *м.* (партийный съезд) партсъезд (партиялык съезд, партиянын съезди).

**ПАРТУЧЁБА** *ж.* (партийная учёба) партиялык окуу.

**ПАРТШКО'ЛА** *ж.* (партийная школа) партиялык мектеп.

www.bizdin.kg

**ПА́РУС** *м.* парус (*кеменин түркүктөрүнө керилип байланган жел айдагыч кендир кездеме*); **идти под парусами** парустарды жазып (керип) жүрүү (сүзүү); ◇ **на всех парусах** өтө тез, абдан тез, аябай шашылып.

**ПАРУСИ́НА** *ж.* парусина (*калың кендир кездеменин бир түрү*).

**ПАРУСИ́НОВЫЙ**, -ая, -ое **парусина**-*га т.*; **парусиновые туфли** парусина туфли.

**ПА́РУСНИК** *м. мор.* парусник (*жел кеме*).

**ПА́РУСНЫЙ**, -ая, -ое **парус**-*ка т.*; парустуу; **парусная лодка** парустуу кайык.

**ПАРФЮМЕ́Р** *м.* **1.** (*изготовляющий парфюмерию*) парфюмерия жасоочу жумушчу; **2.** *уст.* (*торговец*) парфюмерия менен соода кылуучу адам.

**ПАРФЮМЕ́РИЯ** *ж.* **1.** *собир.* (*товары*) парфюмерия (*косметикалык товарлар: атыр, жыпар, упа, бет май ж. б.*); **2.** (*производство*) парфюмерия (*өндүрүшү*).

**ПАРФЮМЕ́РНЫЙ**, -ая, -ое **парфюмерия**-*га т.*; **парфюмерный магазин** парфюмерия магазини.

**ПАРЦЕ́ЛЛА** *ж. эк.* парцелла (*кичинекей жер участогу*).

**ПАРЦЕЛЛЯ́ЦИЯ** *ж. эк.* парцелляция (*жерди кичинекей, майда участокторго бөлүү*).

**ПАРЧА́** *ж.* барча, кымкап.

**ПАРЧО́ВЫЙ**, -ая, -ое **парча**-*га т.*

**ПАРША́** *ж. мед.* таз, котур (*баш котуру*).

**ПАРШИ́ВЕТЬ** *несов. разг.* таз болуу, котур түшүү.

**ПАРШИ́ВЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*больной паршою*) таз, тазы бар; **2.** *перен. разг.* жаман, начар.

**ПАС** I *карт.* **1.** *м.* пас (*карта оюнунда — ойноп жаткан адамдын бул сапар утушка катышпайм деген белгиси*); **объявить пас** пас жарыялоо; **я пас** мен пасмын; **2.** *в знач. сказ. перен.* катышпаймын; жокмун, колуман келбейт, четте турам; **в таких вещах я пас** мен мындай ишке жокмун.

**ПАС** II *м. спорт.* пас, топту салып берүү, топ берүү, колдошуп ойноо (*спорт оюндарында топту өнөгүнө берүү*); **точный пас** так, таамай пас; **у него хорошие пасы** анын топту бериши жакшы; **пас сюда!** быякка бер! (*топту*).

**ПА́СЕКА** *ж.* пасека (*бал челектер турган жер*).

**ПА́СЕЧНИК** *м.* бал челекчи.

**ПА́СЕЧНЫЙ**, -ая, -ое **пасека**-*га т.*; **пасечное хозяйство** бал челек чарбачылыгы.

**ПА́СКВИЛЬ** *м.* **1.** пасквиль (*бирөөнүн кадырын кетирүү үчүн ушак түрүндө жазылган чыгарма*); **2.** *перен.* жала, ушак.

**ПА́СКВИЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **пасквиль**-*ге т.*; пасквилдик.

**ПАСЛЁН** *м. бот.* паслён (*ит жүзүм*).

**ПА́СМУРНЫЙ**, -ая, -ое **1.** бүркөк, бүркөө; **пасмурный день** бүркөк күн; **2.** (*невесёлый*) кабагы бүркөө, маанайы пас, кабагы салыңкы; **пасмурное настроение** маанайы пас көңүл.

**ПАСОВА́ТЬ** I **1.** *сов. и несов.* «пас» жарыялоо (*карта оюнунда*); **2.** *несов. перен.* багынып берүү, жеңилип берүү; **нельзя пасовать перед трудностями** кыйынчылыктарга багынып берүүгө жарабайт.

**ПАСОВА́ТЬ** II *сов. и несов. спорт.* топту салып берүү, топ берүү, колдошуп ойноо (*спорт оюндарында топту өнөгүнө берүү*).

**ПАСПАРТУ́** *ср. нескл.* паспарту (*сүрөт жабыштыруучу калың кагаз же картон*).

**ПА́СПОРТ** *м.* **1.** паспорт (*кишинин атын-жөнүн, ким экендигин, кайда тургандыгын көрсөтүүчү атайын документ*); **2.** (*оборудования*) паспорт (*машиналардын ж. б. чарба жабдыктарынын каттоодон өткөзүлгөндүгүн билдирүүчү документ*); **паспорт станка** станоктун паспорту.

**ПАСПОРТИЗА́ЦИЯ** *ж.* паспорттоштуруу (*паспорт системасын киргизүү, паспорттор менен камсыз кылуу*).

**ПА́СПОРТНЫЙ**, -ая, -ое **паспорт**-*ко т.*; **паспортный стол** паспорт столу (*милициядагы паспорт берүүчү, алмаштыруучу бөлүм*).

**ПАССА́Ж** I *м.* (*торговый*) пассаж (*ичинин эки тарабы тең маңдайлаш магазин, үстү жабык, соода кылуучу бөлмөлөрү бар галерея*).

**ПАССА́Ж** II *м. муз.* пассаж (*ойноодо техникалык кыйынчылыгы болгон музыкалык чыгарманын үзүндүсү*).

**ПАССАЖИ́Р** *м.* пассажир; **зал для пассажиров** пассажирлерге арналган зал.

**ПАССАЖИ́РКА** *женск. р. к* **пассажир**; пассажирка.

**ПАССАЖИ́РСКИЙ**, -ая, -ое **пассажир**-*ге т.*; пассажирдик; **пассажирский поезд** пассажирдик поезд; **пассажирское движение** пассажирдик кыймыл.

**ПАССА́Т** *м. геогр.* пассат (*тропиктик кургак шамал*).

**ПАССИ́В** *м.* **1.** *бухг.* пассив (*бир ишкана же мекеменин жалпы карызы же милдети*); **2.** *грам.* этиштин туюк формасы.

**ПАССИ́ВНО** *нареч.* пассивдүү, ынтасыз, жигерсиз, демилгесиз, ишкерсиз, бошоң; **пассивно относиться к чему-л.** бир нерсеге пассивдүү (ынтасыз, бошоң) мамиле кылуу.

**ПАССИ́ВНОСТЬ** *ж.* **1.** (*бездеятельность*) пассивдүүлүк, ынтасыздык, жигерсиздик, демилгесиздик, ишкерсиздик, ишкер эместик; **проявлять пассивность** ишкерсиздикти көрсөтүү; **2.** бошоңдук, боштук, мажүрөөлүк; **пассивность характера** мүнөздүн бошоңдугу.

**ПАССИ́ВНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*бездеятельный*) пассивдүү, ынтасыз, жигерсиз, демилгесиз, ишкер эмес; **пассивный человек** ынтасыз киши; **2.** (*слабый, лишённый самостоятельности*) бошоң, бош, мажүрөө; **играть пассивную роль** мажүрөөлүк кылуу, жөн эле отура берүү; **3.** *эк.* пассивдүү (*экспортко караганда импорттун басымдуулугу*); **пассивный баланс** пассивдүү баланс; **4.** *грам.* туюк (*этиш*); ◇ **пассивное избирательное право** пассивдүү шайлоо укугу (*өкүлдүк органдарына шайланууга укуктуу болуу*).

**ПА́СТА** *ж.* паста (*камыр өңдүү масса*); **зубная паста** тиш пастасы.

**ПА́СТБИЩЕ** *ср.* жайыт (*мал жайылуучу жер*); **горное пастбище** тоо жайыты; **отгонное пастбище** малдын алыстагы жайыты.

**ПА́СТБИЩНЫЙ**, -ая, -ое **пастбище**-*ге т.*; **пастбищные угодья** мал жайыты.

**ПА́СТВА** *ж. церк.* коом (*мечит коому; чиркөө коому*).

**ПАСТЕ́ЛЬ** *ж. жив.* пастель (**1.** *жумшак боёк карандаштар*; **2.** *ушундай карандаштар менен тартылган сүрөт*).

**ПАСТЕ́ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **пастель**-*ге т.*; **пастельный рисунок** пастель менен тартылган сүрөт.

**ПАСТЕРИЗА́ЦИЯ** *ж.* пастеризация, пастеризациялоо (*суюктукту зыяндуу микробдор өөрчүп кетүүдөн ысытуу жолу менен сактоо*).

**ПАСТЕРИЗОВА́ТЬ** *сов. и несов. что* пастеризациялоо; **пастеризовать молоко** сүттү пастеризациялоо.

**ПАСТЕРНА́К** *м. бот.* пастернак (*тамыры жемиш, жытуу огород өсүмдүгү*).

**ПАСТИ́** *несов. кого-что* жаюу, оттотуу, кайтаруу.

**ПАСТИЛА́** *ж.* пастила (*жемиштин таттуу камырынан жасалган конфета*).

**ПАСТИ́СЬ** *несов.* оттоп жүрүү.

**ПА́СТОР** *м.* пастор (*протестант священниги, попу*).

**ПАСТОРА́ЛЬ** *ж.* пастораль (**1.** *лит. малчы, койчулардын турмушун көрсөтүп сүрөттөгөн адабий чыгарма*; **2.** *муз. кыштак күүлөрү басымдуулук кылган музыкалык чыгарма*).

**ПАСТОРА́ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **пастораль**-*га т.*

**ПАСТУ́Х** *м.* малчы; койчу (*овец*); бадачы, уйчу (*коров*); жылкычы (*лошадей*).

**ПАСТУ́ШЕСКИЙ**, -ая, -ое **пастух**-*ка т.*

**ПАСТУ́ШИЙ**, -ья, -ье **пастух**-*ка т.*; **пастуший рожок** малчынын чоору.

**ПАСТУ́ШКА** *женск. р. к* **пастух**.

www.bizdin.kg

**ПАСТУШО'К** *м. уменьш.-ласк. к* **пасту́х** жаш малчы, бадачы, уйчу, койчу, жылкычы.

**ПА'СТЫРЬ** *м.* **1.** *уст.* (*пастух*) малчы (бадачы, койчу *ж. б.*); **2.** *церк.* поп, иймам (*динчилдерге жетекчилик кылуучу дин адамы*).

**ПАСТЬ** I *сов.* **1.** *см.* **па́дать** 1, 3, 5, 6, 7, 9, 10; **2.** (*погибнуть*) өлүү; **пасть в бою** согушта өлүү; **3.** (*сдаться*) алынуу, жеңилип калуу, багынуу, баш ийүү, бой сунуу; **го́род пал** шаар багынды; **4.** (*быть свергнутым*) жыгылуу, кулоо, ордунан түшүү, кыйроо; **5.** *перен.* (*в общественном мнении, нравственно*) кадыры түшүү, бедели түшүү, барк кетүү, бузулуу, адамдыктан чыгуу; ◇ **пасть же́ртвой** курман болуу; **пасть ду́хом** көңүл чөгөт болуу, ындыны өчүү.

**ПАСТЬ** II *ж.* ооз (*жырткыч айбандын оозу*); **раскры́ть пасть** оозун ачуу.

**ПАСТЬБА'** *ж.* жайып оттотуу, кайтаруу, мал жаюу, жайытка мал жаюу.

**ПА'СХА** *ж. рел.* пасха (**1.** *христиан жана еврейлердин эң улуу майрамы*; **2.** *ушул майрамга арнап, сүзмөдөн жасалган таттуу тамак*).

**ПАСХА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **пасха**-*га т.*; **пасха́льные дни** пасха күндөрү.

**ПАСЫНКОВА'ТЬ** *сов. и несов. что, с.-х.* бутоо (*өсүмдүктүн сабагындагы керексиз бутактарын алып таштоо, мис. тамекини*).

**ПА'СЫНОК** *м.* **1.** (*неродной сын*) өгөй уул, өгөй бала; **2.** *с.-х.* (*лишний побег у растения*) өсүмдүктүн керексиз бутагы (*тамекиде*).

**ПАСЬЯ'НС** *м.* пасьянс (*көңүл ачуу же төлгө салуу үчүн карталарды белгилүү тартипте жайлаштыруу*).

**ПАТ** *м. шахм.* пат (*шахмат оюнунда бир оюнчунун королунун жана башка фигураларынын эч бир жүрө албай турган абалга келиши*).

**ПАТЕ'НТ** *м.* **1.** (*документ*) патент (*ойлоп чыгаруучунун автордугун билдирүүчү документ*); **получи́ть пате́нт на изобрете́ние** ойлоп чыгарылган нерсеге патент алуу; **2.** *уст.* патент (*соода же бир нерсе өндүрүү укугун берүүчү күбөлүк*).

**ПАТЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое **патент**-*ке т.*; **пате́нтный сбор** патент жыйымы.

**ПАТЕНТО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое патенттелген, патенттүү, патенти бар, патент берилген, укугу патент менен берилген; **патенто́ванное сре́дство** патенттелген дары.

**ПАТЕНТОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* патенттөө; **патентова́ть изобрете́ние** ойлоп чыгарылган нерсени патенттөө.

**ПАТЕ'ТИКА** *ж.* патетика (*бир нерседе патетикалык тондун же элементтин болушу*).

**ПАТЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое патетикалык (*күчтүү таасир кыла турган, кубанта турган же күйдүрө турган*); **патети́ческий тон ре́чи** сөздүн патетикалык тону.

**ПАТЕФО'Н** *м.* патефон.

**ПАТЕФО'ННЫЙ,** -ая, -ое **патефон**-*го т.*; **патефо́нные пласти́нки** патефон пластинкалары.

**ПАТОГЕНЕ'З** *м. мед.* патогенез (*бир оору процессинин өөрчүшүнүн ырааттуулугу*).

**ПА'ТОКА** *ж.* патока, шире (*крахмалдын кантка айланып жетпеген түрү, коюу таттуу зат*); **варе́нье на па́токе** патокада кайнатылган варенье.

**ПАТО'ЛОГ** *м. мед.* патолог (*патология боюнча специалист*).

**ПАТОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1. патология**-*га т.*; патологиялык; **патологи́ческая анато́мия** патологиялык анатомия (*ар түрдүү оорулардын натыйжасында органдарда жана ткандардын түзүлүшүндө болуучу өзгөрүүлөрдү изилдөөчү патологиянын бир бөлүмү*); **2.** *перен.* оорулуу, нормадан тайган.

**ПАТОЛО'ГИЯ** *ж.* **1.** *мед.* патология (*бардык нормадан тайган кубулуштарды изилдөөчү, организмдеги оору процесстери жөнүндөгү илим*); **2.** *перен.* оорулуу, нормадан тайган.

**ПА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **патока**-*га т.*; **па́точное варе́нье** патока вареньеси.

**ПАТРИА'РХ** *м.* **1.** *ист.* патриарх (*уруу коомунун улуу мүчөсү, аксакалы*); **2.** *церк.* патриарх (*православный чиркөөдө — жогорку дин бийлигине ээ болгон дин адамынын титулу*); **3.** *перен.* аксакал, карыя.

**ПАТРИАРХА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* патриархалдуулук (*эскичилдик; аксакалдар, ата-бабалар доорундагы салт-санаага багынуучулук, жаңы маданиятка каршылык*).

**ПАТРИАРХА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *ист.* патриархалдуу, патриархалдык (*см.* **патриа́рх** 1); **патриарха́льный строй** коомдун патриархалдык түзүлүшү; **2.** *перен.* патриархалдык (*эски; аксакалдар, ата-бабалар дооруна т.*); **патриарха́льные взгля́ды** патриархалдык көз караштар.

**ПАТРИАРХА'Т** *м. ист.* патриархат (*уруктун башында патриарх турган уруулук коомдун формасы*).

**ПАТРИА'РШИЙ,** -ая, -ее **патриарх** 2-*ге т.*

**ПАТРИМОНИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* патримониалдуу, патримониалдык (*укумдан тукумга калган, уруулук*).

**ПАТРИО'Т** *м.* патриот (*патриотизм менен шыктанган адам*).

**ПАТРИОТИ'ЗМ** *м.* патриотизм (*өз ата мекенине, өз элине берилгендик, аларды чексиз сүйүү жана өз родинасы үчүн ар кандай баатырдыкка жана курман болууга ар дайым даяр тургандык*); **сове́тский патриоти́зм** советтик патриотизм.

**ПАТРИОТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **патриот**-*ко т.*; патриоттук; **патриоти́ческие чу́вства** патриоттук сезимдер.

**ПАТРИОТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **патриоти́ческий.**

**ПАТРИ'ЦИЙ** *м. ист.* патриций (*Байыркы Римдеги аристократ, ак сөөк*).

**ПАТРО'Н** I *м.* **1.** *ист.* патрон (*Байыркы Римде — өзүнүн эркиндикке коё берген адамдарын коргоочу жана колдоочу толук укуктуу гражданин*); **2.** (*глава предприятия*) патрон, ээ (*капиталисттик өнөр жай ээси*); **3.** *перен.* (*покровитель*) колдоочу.

**ПАТРО'Н** II *м.* **1.** *воен.* патрон (*ок чапталган мылтык жези*); **2.** *тех.* патрон (*ар түрдүү приборлордо бир нерсени киргизип бекитүүчү көңдөй түтүк же цилиндр*); **электри́ческий патро́н** электр патрону; **3.** (*образец для выкройки*) патрон, үлгү; **патро́н для руба́шки** көйнөктүн үлгүсү.

**ПАТРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **патрон** II-*ге т.*; **патро́нная ги́льза** патрон гильзасы, атылган жез; **патро́нный заво́д** патрон заводу.

**ПАТРОНТА'Ш** *м.* патронташ, ок салгыч.

**ПАТРУЛИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что, воен.* патруль менен кайтаруу, патруль менен коргоо.

**ПАТРУ'ЛЬ** *м.* патруль (*коргоого коюлган куралдуу кичине отряд*).

**ПАТРУ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1. патруль**-*га т.*; **патру́льная слу́жба** патруль кызматы; **2.** *в знач. сущ. м.* патрульный (*патрулда туруучу сакчы*).

**ПА'УЗА** *ж.* **1.** пауза, тыныш (*сүйлөө арасындагы тыныгуу*); **2.** *муз.* пауза (*музыка тыбыштарында ирети менен келген, ритм менен тартиптелген тыныгуулар*).

**ПАУ'К** *м.* жөргөмүш.

**ПАУКООБРА'ЗНЫЕ** *мн.* (*ед.* **паукообра́зное** *ср.*) *зоол.* жөргөмүш сымалдар.

**ПАУПЕРИ'ЗМ** *м.* пауперизм (*капиталисттик өлкөлөрдө эмгекчилердин массалык жакырдануусу*).

**ПАУТИ'НА** *ж.* **1.** жөргөмүш тору (уясы, желеси); **2.** *перен.* тор, тор жаюу, куру жалаа жармаштыруу; **опу́тать паути́ной лжи** калп жалаа жармаштыруу.

**ПА'ФОС** *м.* пафос (*көңүл эргүү, жандануу*); **говори́ть с па́фосом** пафос менен сүйлөө; **па́фос созида́тельного труда́** чыгармачылыктуу эмгектин пафосу.

**ПАХ** *м. анат.* чап, жука чурай.

www.bizdin.kg

**ПА'ХАРЬ** *м.* жер айдоочу, сокочу.

**ПАХА'ТЬ** *несов. что* жер айдоо, кош айдоо; **паха́ть по́ле под пар** талааны шүдүгөр кылып айдоо; ◇ **мы паха́ли** *разг. ирон.* биз да жер айдаганбыз (*өзү бир ишке катышпай эле, мен дагы бүтүрүштүм деп куру мактануучу киши жөнүндө айтылат*).

**ПА'ХНУТЬ** *несов.* **1.** жыттануу; **2.** *чем, перен.* сезилүү, =чудай болуп туруу, жыты келүү; **де́ло па́хнет ссо́рой** бул иштен чатак чыкчудай болуп турат; **па́хнет весно́й** жаздын жыты келип калды; **па́хнет по́рохом** согуш коркунучу туулуп турат.

**ПАХНУ'ТЬ** *сов. чаще безл. чем* жел келе калуу; **пахну́ло свежестью** салкын жел келе калды.

**ПАХОВО'Й,** -а́я, -о́е **пах**-*ка т.*; чаттагы, жука чурайдагы.

**ПА'ХОТА** *ж.* жер айдоо.

**ПА'ХОТНЫЙ,** -ая, -ое айдалуучу, эгин эгилүүчү, айдоого жарамдуу; **па́хотная земля́** айдоого жарамдуу жер.

**ПА'ХТАНЬЕ** *ср.* **1.** (*действие*) май бышуу, май түшүрүү, май чайкоо; **2.** (*сыворотка*) док (*майдын сары суусу; майдан калган сары суу*).

**ПА'ХТАТЬ** *несов. что* май бышуу, май түшүрүү, май чайкоо.

**ПАХУ'ЧЕСТЬ** *ж.* жыттуулук, жыт.

**ПАХУ'ЧИЙ,** -ая, -ее жыттуу; **паху́чая трава́** жыттуу чөп.

**ПАЦИЕ'НТ** *м.* пациент (*врачта дарылануучу адам*).

**ПАЦИЕ'НТКА** *женск. р. к* **пацие́нт;** пациентка.

**ПАЦИФИ'ЗМ** *м. полит.* пацифизм (*тынчтыкты сактоо деген ураан менен кандай гана согушка болсо да, улуттук-боштондук үчүн болгон жана адилеттүү согуштарга да каршы чыгуучу буржуазиялык агым*).

**ПАЦИФИ'СТ** *м. полит.* пацифист (*пацифизмди жактоочу*).

**ПА'ЧЕ** *уст.*: **тем па́че** андан бетер; **е́сли он не зна́ет, то я тем па́че** ал билбесе, мен андан бетер; **па́че ча́яния** болуп калса, кала турган болсо; непада; **е́сли он па́че ча́яния придёт** ал непада келип калса.

**ПА'ЧКА** *ж.* **1.** пачка, байлам, таңык, бир топ; **па́чка пи́сем** бир топ кат; **па́чка пече́нья** бир пачка печенье; **2.** *театр.* пачка (*жука кездемеден тигилген, каттап кийилүүчү балериналардын кыска юбкасы*).

**ПА'ЧКАМИ** *нареч.* топ-тобу менен, биринин артынан бири; **стреля́ть па́чками** топ-тобу менен ок чыгаруу.

**ПА'ЧКАТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*грязнить*) булгоо, кирдетүү; **па́чкать ру́ки** колду булгоо; **2.** *что* (*делать что-л. грязно*) булгоо, ыпыластоо, бүлдүрүү; **он не рису́ет, а па́чкает** ал сүрөт тартпай эле булгап жатат; ◇ **па́чкать чьё-л. и́мя (репута́цию)** наамын булгоо; **ру́ки па́чкать не хо́чется** *разг.* колумду булгагым келбейт.

**ПА'ЧКАТЬСЯ** *несов.* **1.** (*грязниться*) булгануу, кирдөө, шалтактоо; **2.** *перен. разг.* булгануу, кирделүү, жаман аттуу болуу; **па́чкаться не хо́чется** булгангым келбейт, жаман аттуу болгум келбейт.

**ПАЧКОТНЯ'** *ж. разг. пренебр.* ыпылас, жаман жасалган нерсе (*жазуу, сүрөт*).

**ПАЧКУ'Н** *м. разг. пренебр.* булгоочу; кирдетүүчү, ишти ыпылас жасоочу.

**ПАЧКУ'НЬЯ** *женск. р. к* **пачку́н.**

**ПАША'** *м.* паша (*султан Турциясында жана мурунку Египетте жогорку согуштук жана граждандык сановниктердин титулу*).

**ПА'ШНЯ** *ж.* айдоо, айдалган жер.

**ПАШТЕ'Т** *м.* паштет (*эттен, боордон эзип, жуурулп жасалган тамак; арасына ошол эле этти салып бышырылган нандын бир түрү*).

**пашу', па́шешь** *и т. д. наст. вр. от* **паха́ть.**

**ПА'ЮСНЫЙ,** -ая, -ое: **па́юсная икра́** паюс икрасы (*туздалып катырылган кара икранын бир сорту*).

**ПАЯ'ЛЬНИК** *м. тех.* паяльник (*данекердегич, кандагыч аспап*).

**ПАЯ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* данекердегич, кандагыч; **пая́льная ла́мпа** кандагыч лампа.

**ПАЯ'ЛЬЩИК** *м.* данекерчи, данекердегич, кандоочу, кандоочу.

**ПАЯ'СНИЧАТЬ** *несов. разг.* кылжындоо, кылжактоо, ыржалактоо.

**ПАЯ'ТЬ** *несов. что* данекердөө, кандоо.

**ПАЯ'Ц** *м.* **1.** *театр. уст.* маскарапоз; **2.** *перен.* кылжакей, кылжыңдаган киши.

**ПВО** (противовозду́шная оборо́на) ПВО (абадан болгон чабуулга каршы коргонуу).

**ПЕВЕ'Ц** *м.* **1.** обончу, обон салуучу; **о́перный певе́ц** опера обончусу; **2.** *уст.* (*поэт*) ырчы, поэт.

**ПЕВИ'ЦА** *женск. р. к* **певе́ц** 1.

**ПЕВУ'Н** *м. разг.* обончу.

**ПЕВУ'НЬЯ** **1.** *женск. р. к* **певу́н; 2.** *ж.* (*птичка*) сайроочу (*мис. булбул*).

**ПЕВУ'ЧЕСТЬ** *ж.* обондуулук, уккулуктуулук, жумшактык (*ун жөнүндө*).

**ПЕВУ'ЧИЙ,** -ая, -ее обондуу, уккулуктуу, жумшак (*ун жөнүндө*).

**ПЕ'ВЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **певчий** 2-*ге т.*

**ПЕ'ВЧИЙ,** -ая, -ее **1.** сайроочу, сайрагыч; **пе́вчие пти́цы** сайроочу куштар; **2.** *в знач. сущ. м. церк.* чиркөөдөгү хорго катышуучу.

**ПЕ'ГИЙ,** -ая, -ое ала (*аттын түсү жөнүндө*).

**ПЕД**- *татаал сөздөрдүн «педагогикалык, педагогдук» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **педучи́лище** педагогикалык окуу жайы.

**ПЕДАГО'Г** *м.* педагог (*окутуучу, мугалим*).

**ПЕДАГО'ГИКА** *ж.* педагогика (*окутуу жана тарбиялоо методдору жөнүндөгү илим*).

**ПЕДАГОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **педагог**-*го*, **педагогика**-*га т.*; педагогикалык, педагогдук; **педагоги́ческий институ́т** педагогикалык институт; **педагоги́ческие спосо́бности** педагогикалык шыктуулук; **педагоги́ческая де́ятельность** педагогдук кызмат.

**ПЕДАГОГИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое тарбиялоо ыгын билген, тарбиялоо ишине эптүү; **педагоги́чный посту́пок** тарбиялоо ишине ылайык, туура келүүчү иш.

**ПЕДА'ЛЬ** *ж.* педаль (*машиналардагы же музыкалык инструменттердеги бут менен баса турган рычаг, тээк*).

**ПЕДА'НТ** *м.* педант (*өтө эле бышыксынган, тыкансынган майдачыл адам*).

**ПЕДАНТИ'ЗМ** *м.* педантизм (*педанттын жүрүш-турушу, ой-пикири*).

**ПЕДАНТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **педантизм**-*ге т.*; педанттык.

**ПЕДА'НТКА** *женск. р. к* **педа́нт;** педантка.

**ПЕДВУ'З** *м.* (педагоги́ческое вы́сшее уче́бное заведе́ние) педвуз (педагогикалык жогорку окуу жайы).

**ПЕДЕРА'СТ** *м.* педераст (*эркек жөнүндө — эркекке асылуучу, эркек менен жакындашуучу, бачабаз же бача*).

**ПЕДЕРА'СТИЯ** *ж.* педерастия (*эркек менен эркек жакындашуучулук, бачабаздык*).

**ПЕДИА'ТР** *м. мед.* педиатр (*балдар оорулары боюнча специалист*).

**ПЕДИАТРИ'Я** *ж. мед.* педиатрия (*балдар оорулары жөнүндөгү илим*).

**ПЕДИКЮ'Р** *м.* педикюр (*буттун тырмактарын алып, катып чор болгон жерлерин жонуу, тазалоо*).

**ПЕДИНСТИТУ'Т** *м.* (педагоги́ческий институ́т) пединститут (педагогикалык институт).

**ПЕДО'МЕТР** *м.* педометр (*басып өтүлгөн, шилтелген кадамды автоматтык жол менен эсептөөчү аппарат*).

**ПЕДУЧИ'ЛИЩЕ** *ср.* (педагоги́ческое учи́лище) педучилище (педагогикалык окуу жайы).

www.bizdin.kg

**ПЕЙЗА'Ж** *м.* пейзаж (1. *кандайдыр бир жердин, табияттын көрүнүшү;* 2. *табияттын көрүнүштөрү тартылган картина*).

**ПЕЙЗАЖИ'СТ** *м.* пейзажчы (*сүрөтчү*).

**ПЕКА'РНЫЙ,** -ая, -ое нан бышыруучу; **пекáрное дéло** нан бышыруу иши.

**ПЕКА'РНЯ** *ж.* пекарня, наабайкана, нан бышыруучу жай.

**ПЕ'КАРЬ** *м.* нанчы, нан бышыруучу, наабайчы.

**ПЕКЛЕВА'ННЫЙ,** -ая, -ое: **пеклевáнная мукá** майда тартылып, жакшы эленген ун; **пеклевáнный хлеб** ушул ундан жасалган нан.

**ПЕ'КЛО** *ср. разг.* 1. күндүн ачуу тийген жери, өтө ысык күн; **попáсть в сáмое пéкло** *перен.* кызыл оттун, кызыл чоктун ичинде калуу; 2. *обл.* (*преисподняя*) тозок.

**ПЕЛЕНА'** *ж.* 1. *уст.* жапкыч; 2. *перен.* тунарык, тунаруу; **пеленá тумáна** туман тунарыгы.

**ПЕЛЕНА'ТЬ** *несов. кого-что* ороо, чулгоо, бөлөө; **пеленáть ребёнка** баланы ороо.

**ПЕ'ЛЕНГ** *м. мор., ав.* пеленг (*компас стрелкасынын багыты менен көрүнгөн зат же угулган добуш жактын ара бурчу*).

**ПЕЛЕНГА'ТОР** *м. мор., ав.* пеленгатор (*пеленгация жүргүзүүчү аппарат*).

**ПЕЛЕНГА'ЦИЯ** *ж. мор., ав.* пеленгация (*пеленг менен аныктоо, ырастоо*).

**ПЕЛЕНГОВА'ТЬ** *несов. что, мор., ав.* пеленгалоо (*учуп келе жаткан самолёттон же деңиздеги кемелерден, чыккан үндүн кайсы жерде экендигин белгилөө*).

**ПЕЛЁНКА** *ж.* ороо, жалаяк; ◇ **с пелёнок** ымыркай кезинен эле.

**ПЕЛЕРИ'НА** *ж.* пелерина (*аялдар көйнөктүн сыртынан жамынуучу, колдун карысына чейин түшүп турган кең жака*).

**ПЕЛИКА'Н** *м. зоол.* биргазан (*ири суу кушу*).

**ПЕЛЬМЕ'НИ** *мн.* мантуу (*паровые*), чүчбара.

**ПЕ'МЗА** *ж.* пемза (*бир нерсени тазартуу, сулуулоо үчүн колдонулуучу жеңил майда тешиктүү таш*).

**ПЕ'НА** *ж.* 1. көбүк; **морскáя пéна** деңиз көбүгү; **мы́льная пéна** самын көбүгү; 2. тер; **покры́тый пéной** (*о лошади*) тер баскан, кара терге түшкөн; ◇ **с пéной у рта** оозунан көбүк буркулдатып, жини келип.

**ПЕНА'Л** *м.* калем соот, калем куту, калем салгыч.

**ПЕНЁК** *м. уменьш. от* **пень** дүмүрчө, кичине дүмүр.

**ПЕ'НИЕ** *ср.* ырдоо, обон салуу; сайроо (*птиц*); кыйкыруу (*петуха*); **пéние соловья́** булбулдун сайрашы.

**ПЕ'НИСТЫЙ,** -ая, -ое көбүктүү, көбүктөнгөн, көбүргөн, көбүрсүгөн; **пéнистые морски́е вóлны** көбүктүү деңиз толкундары.

**ПЕ'НИТЬ** *несов. что* көбүктөө, көбүктөндүрүү.

**ПЕ'НИТЬСЯ** *несов.* көбүктөнүү, көбүрүү, көбүрүп чыгуу.

**ПЕНИЦИЛЛИ'Н** *м. фарм.* пенициллин (*көк даттуу көбөрлөрдүн кээ бир түрүнөн алынуучу дарылык препарат*).

**ПЕ'НКА** I *ж.* каймак, көбүк (*бышырылган сүттүн бети*); **снимáть пéнки** 1) каймагын алуу; 2) *перен.* каймагын алуу (*шитебей, эмгек кылбай бир нерсенин ыракатын, пайдасын көрүү*).

**ПЕ'НКА** II *ж. мин.* пенка (*отко чыдамдуу, майда-майда жылчыктуу жеңил минерал*).

**ПЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* көбүктүү, көбүк каптаган.

**ПЕНСИОНЕ'Р** *м.* пенсионер (*пенсия алуучу*).

**ПЕНСИОНЕ'РКА** *женск. р.* к **пенсионéр**; пенсионерка.

**ПЕНСИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **пенсия**-*га т.*; **пенсиóнная кни́жка** пенсия книжкасы; **пенсиóнное обеспéчение** пенсия менен камсыздандыруу.

**ПЕ'НСИЯ** *ж.* пенсия; **персонáльная пéнсия** персоналдык пенсия; **пéнсия по инвали́дности** инвалиддик боюнча берилген пенсия; **быть на пéнсии** пенсияда болуу, пенсия алып жашоо.

**ПЕНСНЕ'** *ср. нескл.* пенсне (*мурунга кыстырма көз айнек*).

**ПЕНЬ** *м.* (*мн.* **пни**) дүмүр; ◇ **стоит как пень** *разг.* эч нерсеге түшүнбөй келесоодой болуп турат; **чéрез пень-колóду** *разг.* эптеп-септеп, жүр нарыга салып.

**ПЕНЬКА'** *ж.* кендир буласы.

**ПЕНЬКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **пенька**-*га т.*; **пенькóвый канáт** кендир аркан.

**ПЕ'НЯ** *ж.* пеня, өсүм (*бир төлөмдүн мөөнөтүнөн кечиктирилип жиберилгендиги үчүн төлөнүүчү штраф*).

**ПЕНЯ'ТЬ** *несов. на кого-что, разг.* айыптоо, күнөөлөө, таарынуу; **не пеня́й на меня́** мени айыптаба, менден көрбө.

**ПЕ'ПЕЛ** *м.* күл (*күйгөндөн калган күл*).

**ПЕПЕЛИ'ЩЕ** *ср.* 1. *уст.* (*пожарище*) өрт орду; 2. *перен.* (*родной дом*) журт, өз үй, ата конуш; **верну́ться на своё пепели́ще** өз ата конушуна кайтып келүү.

**ПЕ'ПЕЛЬНИЦА** *ж.* пепельница, тамекинин күлүн салгыч.

**ПЕ'ПЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое (*о цвете*) бозомтук, куба; **пéпельные вóлосы** бозомтук чач.

**ПЕПСИ'Н** *м.* пепсин (1. *физиол.* *карын бездери иштеп чыгаруучу тамакты сиңирүүгө зарыл зат;* 2. *мед.* *тамак сиңирүүнү күчөтүүчү дарынын бир түрү*).

**ПЕРВЕ'ЙШИЙ,** -ая, -ее (*самый лучший*) эң биринчи, эң сонун, ортон колдой.

**ПЕ'РВЕНЕЦ** *м.* 1. тун бала, туңгуч бала; 2. *перен.* эң алгачкы, эң туңгуч.

**ПЕ'РВЕНСТВО** *ср.* биринчилик; **пéрвенство СССР по футбóлу** футбол боюнча СССРдин биринчилиги; **завоевáть пéрвенство** биринчиликти жеңип алуу (ээлөө).

**ПЕ'РВЕНСТВОВАТЬ** *несов.* биринчи болуу, биринчиликте болуу, алдыда болуу, озук болуу.

**ПЕРВИ'ЧНОСТЬ** *ж.* биринчилик, алгачкылык; **перви́чность матéрии, втори́чность сознáния** *филос.* материянын биринчилиги, аң-сезимдин экинчилиги.

**ПЕРВИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*первый*) биринчи, эң мурунку, алгачкы, а дегендеги, баштапкы; **перви́чный слой земли́** *геол.* жердин эң түпкү, мурунку катмары; **перви́чный перúод болéзни** оорунун алгачкы мезгили; 2. (*начальный*) биринчи, эң мурунку, баштапкы; **перви́чная парторгани́зация** баштапкы партия уюму.

**ПЕРВО=** *татаал сөздөрдүн «биринчи» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү;* *мис.* **первокýрсник** биринчи курстагы (*студент*).

**ПЕРВОБЫТНООБЩИ'ННЫЙ,** -ая, -ое алгачкы-общиналык; **первобытнообщи́нный строй** алгачкы-общиналык коомдук түзүлүш.

**ПЕРВОБЫ'ТНОСТЬ** *ж.* алгачкылык.

**ПЕРВОБЫ'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. алгачкы, адепки, маданияттын төмөнкү баскычындагы; **первобы́тный человéк** алгачкы адам; 2. *перен.* (*дикий, некультурный*) артта калган, жапайы, маданиятсыз.

**ПЕ'РВОЕ** *ср. см.* **пéрвый** 5.

**ПЕРВОИСТО'ЧНИК** *м.* первоисточник (*алгачкы негизги булагы, түпкү жазма*); **исслéдование по первоистóчникам** первоисточниктер боюнча изилдөө.

**ПЕРВОКЛА'ССНИК** *м.* биринчи класстын окуучусу.

**ПЕРВОКЛА'ССНИЦА** *ж.* биринчи класстагы окуучу кыз.

**ПЕРВОКЛА'ССНЫЙ,** -ая, -ое эң мыкты, эң жакшы сапаттуу, биринчи даражалуу, жогорку даражалуу; **первоклáссный актёр** эң мыкты актёр.

**ПЕРВОКУ'РСНИК** *м.* биринчи курстагы (*студент*).

**ПЕРВОКУ'РСНИЦА** *ж.* биринчи курстагы кыз, аял (*студентка*).

**ПЕРЕКЛЕПА'ТЬ** *сов. тех.* 1. (*заново*) кайтадан бөрктөп кадоо; 2. (*всё, многое*) бардыгын бөрктөп кадоо, бөрктөп кадап чыгуу, бөрктөп кадап таштоо.

**ПЕРЕКЛЁПКА** *ж. тех.* кайтадан бөрктөп кадоо.

**ПЕРЕКЛЁПЫВАТЬ** *несов. см.* **переклепа́ть.**

**ПЕРЕКЛИКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *с кем* үн алышып чакырышуу, үн берип чакырышуу, үн беришүү, добуш беришүү; **де́вушки перекликáлись в лесу́** кыздар токойдо үн алышып чакырышышты; 2. *с чем, перен.* окшошуу, бир аз окшошуп кетүү, жакындап кетүү.

**ПЕРЕКЛИ'КНУТЬСЯ** *однокр. с кем* үн алышуу, үн беришүү, үн берип чакырышуу.

**ПЕРЕКЛИ'ЧКА** *ж.* 1. ат чакыруу, атынан айтып чакырып текшерүү, атынан чакырып түгөлдөө; **у́тренняя перекли́чка** эртең мененки атынан чакырып түгөлдөө; 2. *перен.* перекличка, кабар алышуу; **перекли́чка городо́в по ра́дио** шаарлардын радио аркылуу кабар алышышы.

**ПЕРЕКЛЮЧА'ТЕЛЬ** *м. тех.* переключатель (*электр тогунун багытын өзгөртүү үчүн токту башка жакка жиберүүдө колдонулуучу прибор*).

**ПЕРЕКЛЮЧА'ТЬ** *несов. см.* **переключи́ть.**

**ПЕРЕКЛЮЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переключи́ться;** 2. *страд. к* **переключа́ть.**

**ПЕРЕКЛЮЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, тех.* өткөрүү, которуу, башка жолго салуу, электр тогун бир проводдон экинчи проводго туташтыруу (*электр тогунун багытын өзгөртүү*); 2. *кого-что, перен.* оодаруу, өткөрүү, көчүрүү, башкага түшүрүү; **переключи́ть заво́д на произво́дство тра́кторов** заводду трактор иштеп чыгарууга өткөрүү.

**ПЕРЕКЛЮЧИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *тех.* өтүү, которулуу; башка жолго салынуу (*электр тогунун багыты жөнүндө*); 2. *перен.* өтүү; **переключи́ться на другу́ю рабо́ту** башка жумушка өтүп кетүү.

**ПЕРЕКОВА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*заново*) кайтадан, жаңыдан такалоо; 2. *кого-что* (*всех, многих*) бардыгын такалап чыгуу; 3. *что* (*заново выковать*) жаңыдан согуп иштеп чыгуу.

**ПЕРЕКОВЕ'РКАТЬ** *сов. что, разг.* бузуу, баарын бузуп таштоо; **перекове́ркать слова́** сөздү бузуп сүйлөө.

**ПЕРЕКО'ВКА** *ж.* 1. кайта жаңыдан такалоо, жаңыдан такалап чыгыш; 2. (*металлических изделий*) жаңыдан согуп иштеп чыгуу, кайра согуп иштеп чыгуу.

**ПЕРЕКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перекова́ть.**

**ПЕРЕКОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **переколоти́ть** 1.

**ПЕРЕКОЛОТИ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*разбить*) бардыгын сындыруу, сындырып таштоо, барча-бурча кылуу, сындырып бүтүрүү, сындырып чыгуу, кыйратып бүтүрүү, жарып жок кылуу; 2. *кого* (*избить*) бардыгын уруп, сабап, тепкилеп чыгуу; төмпөштөп чыгуу, уруп-сабап таштоо.

**ПЕРЕКОЛО'ТЬ** I *сов.* 1. *что* (*приколоть иначе*) кайтадан төөнөө, башкача саюу, башкача төөнөп чыгуу; 2. *кого-что* (*покрыть уколами*) саюу; найзалап, бычактап таштоо, сайгылоо; 3. *кого-что* (*убить*) саюу; сайып, чанчып өлтүрүү.

**ПЕРЕКОЛО'ТЬ** II *сов. что* (*расколоть*) жаруу, жарып чыгуу, бардыгын жаруу (*мис. отун*).

**ПЕРЕКОНСТРУИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* кайтадан, жаңыдан конструкциялоо, кайта куруу, кайрадан жасоо, жаңыдан түзүү (*куруу*).

**ПЕРЕКОПА'ТЬ** *сов. что* 1. (*вскопать заново*) кайтадан, жаңыдан казуу; кайра, жаңы казуу; 2. (*вскопать всё*) бардыгын казуу, текши казып чыгуу, тегиз казгылап чыгуу; 3. (*выкопать поперёк чего-л.*) туура аң казуу, туурасынан казып таштоо; **перекопа́ть доро́гу** жолго туура аң казып коюу, жолду туурасынан казып таштоо.

**ПЕРЕКОПТИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*слишком*) өтө, ашыра ыштап жиберүү, көбүрөөк ыштап коюу; 2. (*всё, многое*) бардыгын ыштап чыгуу, көбүн ыштоо.

**ПЕРЕКОРМИ'ТЬ** *сов. кого* ашыра тамак берүү, артык тамактандыруу, өтө тойгузуу, өтө көп жедирүү, көбүрөөк эмизип коюу (*баланы*).

**ПЕРЕКОРО'БИТЬ** *сов. чаще безл. разг.* 1. *что* өтө ийрейтүү, абдан ийрейтүү, өтө майыштыруу, өтө кабырылтуу; **до́ску перекоро́било от сы́рости** тактай нымдан өтө ийрейди; 2. *кого, перен.* абдан жийиркентүү, өтө жийиркентүү; **меня́ перекоро́било от его́ гру́бости** анын оройлугу мени өтө жийиркентти.

**ПЕРЕКОРО'БИТЬСЯ** *сов. разг.* өтө ийменүү, абдан ийрейүү, өтө кабырылуу.

**ПЕРЕКО'РЫ** *только мн., разг.* жаңжал, жемелешүү, талаш-тартыш, чыр-чатак, уруш-кериш.

**ПЕРЕКО'С** *м.* кыйшык, кыйшайган.

**ПЕРЕКОСИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*искривить*) кыйшайтуу, ийрейтүү, майыштыруу, майрыйтуу; 2. *кого-что, чаще безл. перен.* кыйрайтып салуу; **его́ перекоси́ло от бо́ли** ооругу аны кыйрайтып салды.

**ПЕРЕКОСИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. кыйшаюу, ийрейүү, майышуу, майрыюу; **скаме́йка перекоси́лась от сы́рости** скамейка ным болгондуктан кыйшайып кетти; 2. *перен.* (*исказиться*) бети-башы кыйшаюу, кыйраюу, бырышып-тырышуу; **его́ лицо́ перекоси́лось от бо́ли** анын бети ооругандыктан бырышып-тырыша түштү.

**ПЕРЕКОЧЕВА'ТЬ** *сов.* 1. (*переменить кочевье*) башка орунга (жайга) көчүп кетүү, көчүп журт алмаштыруу,

www.bizdin.kg

жайдан-жайга көчүү, конуш алмаштыруу; 2. *перен. разг.* орун (жай) алмаштыруу, көчүп кетүү, көчүп баруу, көчүү; **мы перекочева́ли на но́вую кварти́ру** биз жаңы квартирага көчүп келтик.

**ПЕРЕКОЧЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **перекочева́ть.**

**ПЕРЕКО'ШЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **перекоси́ть;** 2. *прил.* кыйшайтылган, ийрейтилген, майыштырылган, майрылтылган, кыйшайган; **перекошенное от у́жаса лицо́** корккондуктан (үрөйү учуп) оозу-башы кыйшайган өң.

**ПЕРЕКРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **перекрои́ть.**

**ПЕРЕКРА'СИТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) жаңыдан боёо, кайрадан боёо, кайтадан сырдоо, түсүн өзгөртүү, жаңы түскө түшүрүү; 2. (*всё*) бардыгын боёп, сырдап чыгуу, текши түсүн өзгөртүп чыгуу.

**ПЕРЕКРА'СИТЬСЯ** *сов.* түс өзгөрүү, кайрадан боёлуп чыгуу, түсү өзгөртүлүү, кайрадан сырдалуу; башка раң, түскө кирүү; башка түскө боёлуу.

**ПЕРЕКРАХМА'ЛИТЬ** *сов. что* 1. (*слишком*) өтө, ашыра крахмалдап жиберүү; 2. (*заново*) кайтадан, жаңыдан крахмалдоо; 3. (*всё, многое*) бардыгын, текши крахмалдоо; крахмалдап таштоо.

**ПЕРЕКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **перекра́сить.**

**ПЕРЕКРА'ШИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перекра́ситься;** 2. *страд. к* **перекра́шивать.**

**ПЕРЕКРЕСТИ'ТЬ** *сов. кого-что* (*сделать знак креста*) чокунтуп коюу (*кол менен*).

**ПЕРЕКРЕСТИ'ТЬСЯ** *сов.* чокунуу (*кол менен*).

**ПЕРЕКРЁСТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*пересекающийся*) айкашкан, айкыш-уйкуш, туш-туштан болгон; 2. *перен.* эриш-карыш, эки жактан, туш-туштан болгон; **перекрёстный допро́с** туш-туштан суракка алуу; **перекрёстный ого́нь** *воен.* туш-туштан аткылаган ок.

**ПЕРЕКРЁСТОК** *м.* жолдун кайчылашкан жери, кайчы жол; ◇ **на всех перекрёстках** *разг.* бардык жерде, чар тараптан, туш-туштан.

**ПЕРЕКРЕ'ЩИВАТЬСЯ** *несов.* кайчылашуу, кайчы өтүү, аркы-терки өтүү.

**ПЕРЕКРИЧА'ТЬ** *сов. кого-что* кыйкырып башкалардын үнүнө асып өтүү, кыйкырык-сүрөөндүн ичинен катуу, кыйкырып өз үнүн угузуу.

**ПЕРЕКРОИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*скроить заново*) кайтадан, жаңыдан бычуу (*кийимди*); 2. *перен.* (*переделать*) башкача кылып өзгөртүү.

**ПЕРЕКРУТИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*слишком закрутить*) өтө чыйратып жиберүү, өтө бурап жиберүү; 2. (*скрутить заново*) кайтадан буроо, жаңылап бурап чыгуу, кайтадан чыйратуу, жаңыдан чыйратуу; 3. (*скрутить с чем-л.*) кошо чыйратуу, бирге чыйратуу.

**ПЕРЕКРУТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* өтө чыйратылуу, өтө буралып кетүү, артык чыйратылып кетүү, катуу буралуу.

**ПЕРЕКРУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **перекрути́ть.**

**ПЕРЕКРУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перекрути́ться;** 2. *страд. к* **перекру́чивать.**

**ПЕРЕКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **перекры́ть.**

**ПЕРЕКРЫ'ТИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жабуу; кайтадан, жаңыдан жабуу; 2. *перен.* (*превышение*) ашыруу, басуу, ашуу, ашыра орундатуу, басып өтүү, кууп өтүү; 3. *стр.* (*опора крыши*) перекрытие (*үйдүн үстүндөгү чатырды токтотуу үчүн туура жабылган бөлүгү*).

**ПЕРЕКРЫ'ТЬ** *сов. что* 1. (*покрыть заново*) кайтадан жабуу, жаңыдан жабуу; 2. *перен.* (*превзойти*) ашыруу, ашыра орундатуу, арттыруу, басып өтүү, кууп өтүү, озуп кетүү; **перекры́ть пре́жний реко́рд** мурдагы рекордду басып, ашыра орундоо; **перекры́ть но́рму** нормадан ашыруу.

**ПЕРЕКУВЫ'РКИВАТЬСЯ** *несов. см.* **перекувырну́ться.**

**ПЕРЕКУВЫРНУ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* баш-аяк кылуу, астын-үстү кылуу, башын аягына келтирүү, томолотуп жиберүү, оңко-чоңколотуу.

**ПЕРЕКУВЫРНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* оңко-чоңко болуп жыгылуу, тоңкочук атып кетүү, томолонуп кетүү.

**ПЕРЕКУПА'ТЬ** I *несов. см.* **перекупи́ть.**

**ПЕРЕКУПА'ТЬ** II *сов. кого, разг.* 1. (*передержать в воде*) сууга көбүрөөк түшүрүп коюу, ашыра киринтип коюу; 2. (*выкупать всех*) сууга түшүрүп чыгуу, бардыгын сууга түшүрүү, чөмүлтүү.

**ПЕРЕКУПА'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*слишком долго пробыть в воде*) суугa ашыра түшүп коюу, ашыра чөмүлүп коюу, абдан түшүү.

**ПЕРЕКУПИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*перебить покупку у кого-л.*) бирөөнүн сатып алайын дегенин (көбүнчө ашык төлөп) сатып алуу; 2. (*скупить*) башкага сатуу үчүн сатып алуу.

**ПЕРЕКУ'ПЩИК** *м. разг.* алып сатар.

**ПЕРЕКУ'ПЩИЦА** *женск. р. к* **переку́пщик.**

**ПЕРЕКУСА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* кабуу, тиштөө, талоо (*көбүн же бардыгын*).

**ПЕРЕКУСИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* тиштөө, керте тиштөө, кырча тиштөө, кыя тиштөө, тиштеп үзүү; **перекуси́ть ни́тку** жипти тиштеп үзүү, кырча тиштөө; 2. *разг.* (*закусить*) шам-шум этүү, өзөк жалгоо, бир аз тамактанып алуу, өзөк жалгап алуу; **они́ перекуси́ли пе́ред доро́гой** алар жолго чыгардын алдында бир аз тамактанып алышты.

**ПЕРЕКУ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **перекуси́ть** 1.

**ПЕРЕЛАГА'ТЬ** *несов. см.* **переложи́ть** 2, 6.

**ПЕРЕЛА'МЫВАТЬ** *несов. см.* **перелома́ть, переломи́ть.**

**ПЕРЕЛА'МЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **перелома́ться, переломи́ться.**

**ПЕРЕЛЕЖА'ТЬ** *сов.* 1. (*слишком долго*) көпкө жатуу; жатыңкырап калуу; көп, узак жатып калуу; 2. (*напр. о фруктах*) көп жатып бузулуу, көп жатуудан бузулуу, көп туруп бузулуу.

**ПЕРЕЛЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **переле́зть.**

**ПЕРЕЛЕ'ЗТЬ** *сов. через что* ашып түшүү, ашып өтүү; **он переле́з че́рез забо́р** ал дубалдан ашып түштү.

**ПЕРЕЛЕ'СОК** *м.* кичине суюк токой, кичине сейрек токой (*чоң токойдон ачык аянтча менен бөлүнүп турган*).

**ПЕРЕЛЁТ** *м.* 1. (*птиц*) куштардын келгин болуп келиши же кетиши, келгин куштардын учуп өтүшү; **перелёт журавле́й на юг** турналардын түштүккө учуп өтүшү; 2. (*самолёта*) учуу, учуп өтүү; **перелёт че́рез Се́верный по́люс** Түндүк уюл аркылуу учуп өтүү; 3. (*пули, снаряда*) ашып кетүү, алыс кетүү, алыс барып түшүү, ашып түшүү (*октун, снаряддын мээлеген бутадан ашып түшүшү*).

**ПЕРЕЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **перелете́ть.**

**ПЕРЕЛЕТЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*на другое место*) учуп баруу, учуп өтүү; 2. *через что* бир нерседен алыс учуп өтүү; 3. (*дальше, чем нужно*) ары жагына барып түшүү, алыс кетүү, алыс барып түшүү (*мис. ок*).

**ПЕРЕЛЁТНЫЙ,** -ая, -ое келгин; **перелётные пти́цы** келгин куштар.

**ПЕРЕЛЕ'ЧЬ** *сов.* 1. (*на другое место*) которулуп жатуу, башка жерге жатуу; 2. (*лечь иначе*) которулуп жатуу; **переле́чь с одного́ бо́ка на друго́й** бир жамбашынан экинчисине которулуп жатуу.

**ПЕРЕЛИВА'НИЕ** *ср.* куюштуруу, куюу (*бир идиштен экинчи идишке*); **перелива́ние кро́ви** кан куюштуруу, кан куюу.

**ПЕРЕЛИВА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **перели́ть; перелива́ть кровь** кан куюу; 2. *перен.* кулпуруу, кулпунуу, кубулжуу; **перелива́ть всеми цвета́ми ра́дуги** көк желенин бардык түсү менен кулпуруу; ◇ **перелива́ть из пусто́го в поро́жнее** *см.* **поро́жний.**

**ПЕРЕЛИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перели́ться;** 2. *страд. к* **перелива́ть.**

**ПЕРЕЛИ'ВЧАТЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о красках*) кубулма, кулпурма, кубулжуган; 2. (*о звуках*) кубулжума, кулпунма, кошолонмо.

www.bizdin.kg

**ПЕРЕЛИ'ВЫ** *мн.* **1.** (*красок*) кубулуш, кулпуруш; **перели́вы перламу́тра** седептин кубулушу; **2.** (*звуков*) кубулжуш; **перели́вы в пе́нии соловья́** булбулдун сайрашынын кубулжушу.

**ПЕРЕЛИНОВА'ТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) кайтадан сызуу, жаңыдан сызуу; **2.** (*всё, многое*) бардыгын сызып чыгуу.

**ПЕРЕЛИНО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перелинова́ть.**

**ПЕРЕЛИСТА'ТЬ** *сов. что* **1.** (*перевернуть все листы*) барактоо, барактап чыгуу; **2.** (*бегло просмотреть*) көз жүгүртүп чыгуу, карап чыгуу, жүгүртүп окуп чыгуу; **я э́ту кни́гу не чита́л, а то́лько перелиста́л** мен бул китепти окубай эле, көз жүгүртүп чыктым.

**ПЕРЕЛИ'СТЫВАТЬ** *несов. см.* **перелиста́ть.**

**ПЕРЕЛИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*куда-л.*) куюу, куюштуруу; **перели́ть вино́ из буты́лки в графи́н** винону бутылкадан графинге куюштуруу; **2.** (*налить через край*) ашыра, эрдөөсүнөн чыгара куюу, көп куюп жиберүү; **3.** (*отлить заново*) кайра эритип куюу, кайтадан куюп чыгуу, жаңыдан куюу; **перели́ть неуда́чную ста́тую** жакшы болбой калган статуяны кайра эритип куюу.

**ПЕРЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*куда-л.*) куюштурулуу; **2.** (*через край*) ашыра куюлуу, эрдөөсүнөн аша куюлуу, ташып төгүлүү.

**ПЕРЕЛИЦЕВА'ТЬ** *сов. что* аңтарып тигүү, оодарып тигүү, ичин сыртына каратып тигүү (*эски кийимди*); **перелицева́ть пальто́** пальтону аңтарып тигүү.

**ПЕРЕЛИЦО'ВКА** *ж.* аңтарып тигүү, оодарып тигүү (*эски кийимди*).

**ПЕРЕЛИЦО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перелицева́ть.**

**ПЕРЕЛОВИ'ТЬ** *сов. кого-что* бардыгын кармоо; **перелови́ть всю ры́бу в о́зере** көлдөгү балыктын бардыгын тең кармоо; **перелови́ть беглецо́в** качкындардын бардыгын кармоо.

**ПЕРЕЛО'Г** *м. с.-х.* кысыр аңыз.

**ПЕРЕЛОЖЕ'НИЕ** *ср. муз., лит.* экинчи түргө айландыруу, которуу, салуу (*мис. ырды музыкага*).

**ПЕРЕЛОЖИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*на другое место*) которуп коюу, бир орундан экинчи орунга которуу, ооштуруп коюу, алпарып коюу; **2.** *на кого, перен.* (*возложить на другого*) *бирөөнү* бошотуп, анын милдетин *бирөөгө* артуу, жүктөө; **3.** (*проложить чем-л.*) арасына бир деме коюу; **переложи́ть посу́ду соло́мой** идиш-аяктын арасына саман тыгып, салып коюу; **4.** (*сложить заново*) кайтадан салуу, кайра салуу, бузуп кайра салуу; **5.** (*положить лишнее*) көп салуу, ашырып салып жиберүү; **переложи́ть со́ли в суп** сорпого тузду көп салып жиберүү; **6.** *муз., лит.* айландыруу, которуу, салуу; **переложи́ть стихи́ про́зой** ырды прозага айландыруу; ◇ **переложи́ть гнев на ми́лость** *уст.* ачууну коюп, ырайымга келүү.

**ПЕРЕЛО'М** *м.* **1.** (*действие*) сынуу; **2.** (*место, где переломлено*) сынык, сынган жер; **3.** *мед.* сынык, сынган жер; **4.** *перен.* (*резкое изменение*) бурулуш, чоң өзгөрүш, чукул өзгөрүш; **нра́вственный перело́м** кулк-мүнөз жагынан болгон чоң өзгөрүш; **перело́м в хо́де боле́зни** оорудагы бурулуш; **год вели́кого перело́ма** улуу бурулуш жылы.

**ПЕРЕЛОМА'ТЬ** *сов. что, разг.* сындыруу, талкалоо, кыйратуу, баарын сындыруу, сындырып бүтүрүү; **ребёнок перелома́л свои́ игру́шки** бала оюнчуктарын талкалды.

**ПЕРЕЛОМА'ТЬСЯ** *сов. разг.* сынуу, кыйроо, талкалануу, сынып бүтүү, кыйрап бүтүү.

**ПЕРЕЛОМИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*сломать надвое*) сындыруу, сындырып экиге бөлүү; **2.** *кого-что, перен.* (*побороть*) зордоп өзгөртүү, көндүрүү; **переломи́ть свой хара́ктер** өз мүнөзүн зордоп өзгөртүү, көндүрүү.

**ПЕРЕЛОМИ'ТЬСЯ** *сов.* сынып экиге бөлүнүү, сынуу, чорт сынуу.

**ПЕРЕЛО'МНЫЙ,** -ая, -ое **перелом** 4-кө *т.*; **перело́мный моме́нт** бурулуш учуру.

**ПЕРЕМА'ЗАТЬ** *сов. кого-что, разг.* майлоо, боёп булгап салуу, булгап алуу.

**ПЕРЕМА'ЗАТЬСЯ** *сов. разг.* боёлуп булгануу, майланууу, булгануу.

**ПЕРЕМА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **перемоло́ть.**

**ПЕРЕМА'ЛЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **перемоло́ться;** **2.** *страд. к* **перема́лывать.**

**ПЕРЕМА'НИВАТЬ** *несов. см.* **перемани́ть.**

**ПЕРЕМАНИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* кызыктырып өзүнө тартуу, алдап өзүнө тартуу.

**ПЕРЕМАРА'ТЬ** *сов. что, разг.* булгап таштоо.

**ПЕРЕМА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **перемота́ть.**

**ПЕРЕМАХНУ'ТЬ** *сов. что, через что, разг.* шып этип секирип түшүү *же* өтүү, шып этип ыргып түшүү *же* өтүү, секирип түшүү, секирип өтүү; **перемахну́ть че́рез забо́р** дубалдан шып этип секирип түшүү.

**ПЕРЕМЕЖА'ТЬ** *несов. что чем, с чем* кезектештирүү, аралаштыруу; **перемежа́ть рабо́ту с о́тдыхом** ишти дем алыш менен кезектештирүү.

**ПЕРЕМЕЖА'ТЬСЯ** *несов. чем, с чем* кезектешүү, аралаштырылуу, аралашуу; **дождь перемежа́лся с гра́дом** жамгыр мөндүр менен кезектеш түштү.

**ПЕРЕМЕЖА'ЮЩИЙСЯ,** -аяся, -ееся **1.** *прич. от* **перемежа́ться;** **2.** *прил.* убак-убагы менен кармоочу; **перемежа́ющаяся лихора́дка** убак-убагы менен кармоочу безгек (калтыратма).

**ПЕРЕМЕЖЕВА'ТЬ** *сов. что* кайтадан чектөө, кайтадан чегин бөлүү.

**ПЕРЕМЕЖЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **перемежева́ть.**

**ПЕРЕМЕ'НА** *ж.* **1.** алмашуу, өзгөрүү, оошуу; **переме́на кли́мата поле́зна для не́которых больны́х** климаттын алмашышы кээ бир оорулар үчүн пайдалуу; **переме́на пого́ды** аба ырайынын өзгөрүшү; **в нём произошла́ больша́я переме́на** ал аябай өзгөрүлүптүр; **2.** (*комплект, напр. белья*) алмаштырып кие турган (*усту-баш*); **3.** (*в школе*) дем алыш, танапис; **больша́я переме́на** чоң дем алыш.

**ПЕРЕМЕНИ'ТЬ** *сов. кого-что* алмаштыруу, которуу, өзгөртүү; **перемени́ть разгово́р** сөздү башкага которуу; **перемени́ть приче́ску** причёсканы өзгөртүү; **перемени́ть лошаде́й** аттарды алмаштыруу.

**ПЕРЕМЕНИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*измениться*) өзгөрүү, өзгөрүлүү, башкача болуп калуу; **он перемени́лся в лице́** анын өңү өзгөрүлө түштү; **2.** *к кому-чему* (*изменить своё отношение*) өзгөртүү.

**ПЕРЕМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое алмашма, өзгөрмө, өзгөрүлмө, кезектешме; оошмолуу; **переме́нный ве́тер** алмашма шамал; **переме́нный капита́л** *эк.* өзгөрмө капитал; **переме́нная величина́** *мат.* өзгөрмө чоңдук; **переме́нный ток** *физ.* алмашма ток.

**ПЕРЕМЕ'НЧИВОСТЬ** *ж. разг.* алмашмалуулук, өзгөрмөлүүлүк, өзгөргүчтүк, оошмолуулук, бир калыпта турбагандык.

**ПЕРЕМЕ'НЧИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* кубулма, өзгөрүлмө, өзгөргүч, айнымалуу; **переме́нчивая пого́да** өзгөрмө аба ырайы.

**ПЕРЕМЕРЗА'ТЬ** *несов. см.* **перемёрзнуть.**

**ПЕРЕМЁРЗНУТЬ** *сов.* **1.** (*промёрзнуть*) катуу үшүү, абдан үшүү, тоңуу, муздоо, аябай тоңуу; **я перемёрз в доро́ге** мен жолдо аябай үшүдүм; **2.** (*вымерзнуть*) үшүп кетүү, үшүп калуу; **все цветы́ перемёрзли** бардык гүлдөр үшүп кетти.

**ПЕРЕМЕ'РИТЬ** *сов. что, разг.* **1.** (*примерить заново*) кайтадан, кайта баштан өлчөө, ченөө (*мис. кийимди*); **2.** (*всё, много*) баарын өлчөп, ченеп чыгуу; **она́ переме́рила все пла́тья** ал бардык көйнөктөрдү кийип өлчөп чыкты.

**ПЕРЕМЕСИ'ТЬ** *сов. что* аралаштырып жууруу, ийлөө; **перемеси́ть гли́ну** топуракты аралаштыруу, топуракты ийлөө.

www.bizdin.kg

**ПЕРЕМЕСТИ'ТЬ** *сов. кого-что* орундаштыруу, жайлаштыруу, которуштуруу, көчүрүү (*бир орундан экинчи орунга*); **переместить мебель** мебелдерди бир орундан экинчи орунга жайлаштыруу; **переместить на другую работу** башка ишке орундаштыруу.

**ПЕРЕМЕСТИ'ТЬСЯ** *сов.* орундаштырылуу, жайлаштырылуу, көчүрүлүү, которуштурулуу; көчүү, орундашуу (*бир орундан экинчи орунга*).

**ПЕРЕМЁТ** *м.* перемёт (*балык кармоо үчүн кайырмактуу керме тор*).

**ПЕРЕМЕТА'ТЬ** *сов. что* (*наметать заново*) жаңыдан кабуу, кайтадан кабуу, жөрмөө (*мис. кийимди*).

**ПЕРЕМЕ'ТИТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) башкача кылып тамга, белги салуу; **2.** (*всё, много*) бардыгына белги, тамга салуу.

**ПЕРЕМЕТНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*изменить*) чыккынчылык кылуу, душмандын тарабына өтүү.

**ПЕРЕМЁТНЫЙ**, -ая, -ое арта салма; **перемётные сумы у седла** куржун; ◇ **сума перемётная** *уст.* күн тийген жердин чоросу, күн карама.

**ПЕРЕМЁТЫВАТЬ** *несов. см.* **переметать.**

**ПЕРЕМЕЧА'ТЬ** *несов. см.* **переметить.**

**ПЕРЕМЕША'ТЬ** *сов. что* **1.** (*смешать вместе*) аралаштыруу, кошуп аралаштыруу, аралаштырып астын-үстүнө келтирүү; **перемешать серую муку с белой** кара унду ак ун менен аралаштыруу; **2.** (*размешать*) аралаштыруу, ичкерештирүү, көсөө, которуштуруу, астын-үстүнө келтирүү; **перемешать угли в печке** мештеги чокту ичкерештирүү; **3.** (*спутать*) аралаштырып жиберүү, баш аламан кылуу; **он перемешал все бумаги** ал бардык кагаздарды баш аламан кылып жиберди.

**ПЕРЕМЕША'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*смешаться*) аралашуу, кошулуп кетүү; **два сорта муки перемешались** эки сорт ун аралашты; **2.** *перен.* (*перепутаться*) аралашып кетүү, баш аламан болуу; **всё у него в голове перемешалось** анын башында бардыгы баш аламан болуп калды.

**ПЕРЕМЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **перемесить.**

**ПЕРЕМЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **перемешать.**

**ПЕРЕМЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **переместить.**

**ПЕРЕМЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **переместиться; 2.** *страд. к* **перемещать.**

**ПЕРЕМЕЩЕ'НИЕ** *ср.* көчүү, көчүрүү, өтүү, өткөрүү, которуу, которуштуруу, ооштуруу, оошуу, орун которуштуруу (*бир жерден экинчи жерге же бир кызматтан экинчи кызматка*); **перемещение по службе** бир кызматтан экинчисине өтүү; **перемещение пластов земной коры** жер кыртышынын катмарларынын которулушу.

**ПЕРЕМЕЩЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **переместить; 2.** *прил.*: **перемещённые лица** жер ооду болгон адамдар.

**ПЕРЕМИ'ГИВАТЬСЯ** *несов. см.* **перемигнуться.**

**ПЕРЕМИГНУ'ТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* ымдашуу, көз кысышуу, ымдаша кетүү.

**ПЕРЕМИНА'ТЬСЯ** *несов.*: **переминаться с ноги на ногу** *разг.* алмак-салмак улам бир бутуна оордугун салып, бир жерден козголбой туруу.

**ПЕРЕМИ'РИЕ** *ср.* убактылуу тынчтык; убактылуу элдешүү, жарашуу (*согушуп жаткан эки жактын тең макулдашуусу боюнча согуш аракеттерин убактылуу токтотуу*); **заключить перемирие** убактылуу тынчтык түзүү.

**ПЕРЕМНОЖА'ТЬ** *несов. см.* **перемножить.**

**ПЕРЕМНО'ЖИТЬ** *сов. что, мат.* бир-бирине көбөйтүү, арттыруу.

**ПЕРЕМОГА'ТЬ** *несов. что, разг.* чыдоо, төтөп берүү, чыдаштык кылуу; ооруга бой бербей, чыдоо; **он встал, с трудом перемогая боль в ноге** ал бутунун оорусуна бой бербей, араң чыдап ордунан турду.

**ПЕРЕМОГА'ТЬСЯ** *несов. разг.* ооруга бой бербей, чыдап жүрүү.

**ПЕРЕМО'КНУТЬ** *сов.* аябай суу болуу, абдан сууга чылануу, өтмө катарынан өтүп суу болуу; **перемокнуть под дождём** жамгырдын алдында калып аябай суу болуу.

**ПЕРЕМО'Л** *м. с.-х.* кайтадан тарттыруу (*тегирменге*); **пустить зерно в перемол** данды кайтадан тарттыруу (салуу).

**ПЕРЕМОЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **перемолоть.**

**ПЕРЕМО'ЛВИТЬ** *сов. с кем, разг.* сүйлөшүү, кеп салышуу; **не с кем было и словечка перемолвить** бир ооз сөз сүйлөшүүгө да эч ким болгон жок.

**ПЕРЕМО'ЛВИТЬСЯ** *сов. чем с кем, разг.* сүйлөшүү, кеп салышуу; **перемолвиться несколькими словами** бир нече сөз айтып сүйлөшө калуу.

**ПЕРЕМОЛОТИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) эгинди кайтадан бастыруу; **2.** (*всё, много*) бастырып бүтүү; **они перемолотили всё зерно** алар бардык эгинди бастырып бүтүштү.

**ПЕРЕМОЛО'ТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) кайтадан салдыруу, тарттыруу (*тегирменге*); **2.** (*всё, много*) бардык эгинди салдыруу, тарттыруу (*тегирменге*).

**ПЕРЕМОЛО'ТЬСЯ** *сов.* эгин салынуу, тартылуу (*тегирменге*); ◇ **перемелется — мука будет** *посл.* бара-бара баары орduна келет.

**ПЕРЕМОНТИ'РОВАТЬ** *сов. что, тех.* кайтадан монтаждоо (*кайтадан монтаж кылуу, кайта кураштыруу, кайтадан оңдоп жай-жайына коюу*).

**ПЕРЕМОРИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* бардыгын кыруу, жоюу, өлтүрүү, жоготуу, тукумун соолтуу (*мис. чычкандарды*).

**ПЕРЕМОСТИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) жаңыдан төшөө, кайтадан төшөө; **улицу перемостили камнем** көчөнү жаңыдан таш менен төшөштү; **2.** (*всё, много*) төшөп чыгуу, төшөп таштоо, бардыгына төшөө, текши төшөө.

**ПЕРЕМОТА'ТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) кайтадан ороо, кайтадан түрүү (*жипти*); **2.** (*намотать на что-л. другое*) түрүү, ороо (*бир нерседен башка нерсеге*).

**ПЕРЕМОЧИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*слишком*) абдан суулоо, аябай чылоо, көбүрөөк суулап жиберүү; **2.** (*намочить всё*) бардыгын суулоо, бүт чылоо.

**ПЕРЕМО'ЧЬ** *сов. см.* **перемогать.**

**ПЕРЕМУДРИ'ТЬ** *сов. разг.* ыгы жок даанышмандык кылып ийүү, ыгы жок билгирсинүү.

**ПЕРЕМУ'ЧИТЬСЯ** *сов. разг.* аябай чарчоо, абдан кыйналуу, аябай азап чегүү, катуу азап тартуу.

**ПЕРЕМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **перемыть;** ◇**перемывать косточки** *кому-л. разг.* бирөөнү аябай артынан ушактоо.

**ПЕРЕМЫ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*заново*) кайтадан, жаңыдан жуу; кайтадан, жаңыдан тазалоо; **2.** (*всё, много*) бардыгын жуу, тазалоо, текши жууп чыгуу, тазалап чыгуу.

**ПЕРЕМЫ'ЧКА** *ж.* **1.** (*перехват*) перемычка, туташтыргыч, бириктиргич; **2.** *тех.* (*заграждение*) перемычка (*курулуш иштеринде суунун агып келишине жол бербөөчү, суу өткөрбөй турган тосмо*); **3.** *тех.* (*перекрытие*) перемычка (*эшик, терезе тешиктеринин үстүңкү туура коюлган жыгачы*).

**ПЕРЕМЯ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*измять*) эзүү, эзгилөө, укалоо, убалоо; эзгилеп, ийлеп таштоо; **2.** (*промять заново*) кайтадан (жаңыдан) эзүү; кайтадан (жаңыдан) убалап чыгуу.

**ПЕРЕМЯ'ТЬСЯ** *сов.* эзилүү, укалануу, убалануу.

**ПЕРЕНАПРЯГА'ТЬ** *несов. см.* **перенапрячь.**

**ПЕРЕНАПРЯГА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **перенапрячься; 2.** *страд. к* **перенапрягать.**

**ПЕРЕНАПРЯЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** чамадан артык тырышуу, өтө күчөнүү, артыкча күчөтүү, өтө чыңоо; **2.** *тех.* токтун өтө шыкалышы, чыңалышы, күчөнүшү (*электр сетинин артыкча чыңалышы*).

**ПЕРЕНАПРЯ'ЧЬ** *сов. что* өтө күчөтүү, артыкча күчөтүү, өтө жумшоо, бардык күчүн салуу; **перенапрячь силы** аябай күчтү жумшоо.

**ПЕРЕНАПРЯ'ЧЬСЯ** *сов.* өтө күчөнүү, бардык күчтү салуу.

www.bizdin.kg

**ПЕРЕНАСЕЛЕ'НИЕ** *ср.* калк өтө көбөйүп, тарчылык болуп кетүү.

**ПЕРЕНАСЕЛЁННОСТЬ** *ж.* калк өтө көбөйүп, тарчылык болуп кеткендик.

**ПЕРЕНАСЕЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **перенаселить;** **2.** *прил.* калкы өтө көбөйүп, тар болуп кеткен; **перенаселённый райо́н** эли өтө көбөйүп, тар болуп кеткен район.

**ПЕРЕНАСЕЛИ'ТЬ** *сов. что* элди өтө жыш орноштуруу, элди өтө калың орноштуруу.

**ПЕРЕНАСЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **перенаселить.**

**ПЕРЕНАСЫ'ТИТЬ** *сов. что, хим.* өтө тойдуруу, аябай тойгузуу, өтө кандыруу; **перенасы́тить раство́р со́лью** эритиндини тузга өтө кандыруу.

**ПЕРЕНАСЫЩА'ТЬ** *несов. см.* **перенасы́тить.**

**ПЕРЕНАСЫ'ЩЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **перенасы́тить;** **2.** *прил. хим.* өтө канган; **перенасы́щенный раство́р** өтө канган эритинди.

**ПЕРЕНЕСЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*в другое место*) ташып алып баруу, ташып алып келүү, көтөрүп алып баруу; **2.** (*в другую инстанцию*) көчүрүп баруу, көчүрүп алып келүү, башка жерге орноштуруу; **3.** (*откладывание*) көчүрүү, калтыруу.

**ПЕРЕНЕСТИ'** *сов.* **1.** *кого-что* (*в другое место*) ташуу, ташып алып баруу, ташып алып келүү, көтөрүп алып баруу; **ра́неного перенесли́ в ко́мнату** жарадарды бөлмөгө көтөрүп алып киришти; **2.** *что* (*учредить в другом месте*) көчүрүү, көчүрүп баруу, көчүрүп алып келүү, башка жерге орноштуруу; **столи́цу перенесли́ в друго́й го́род** борборду башка шаарга көчүрүштү; **3.** *что* (*отложить*) көчүрүү, калтыруу; **заседа́ние перенесли́ на сре́ду** заседание шаршембиге калтырылды; **4.** *что, перен.* (*вынести*) баштан өткөрүү, башынан кечирүү; **он перенёс тяжёлую боле́знь** ал катуу ооруну башынан өткөрдү; **5.** *что* (*на другую строку*) ташуу (*жазууда — экинчи жолго көчүрүү*).

**ПЕРЕНЕСТИ'СЬ** *сов.* **1.** *разг.* (*быстро переместиться*) ташынып келүү, көчүп бара коюу, тез орноше коюу; **2.** *перен.* ой менен кете калуу, ой менен кечүү; **я мы́сленно перенёсся в де́тские го́ды** мен ой менен балалык кезиме кете калыпмын.

**ПЕРЕНИМА'ТЬ** *несов. см.* **переня́ть.**

**ПЕРЕНО'С** *м.* **1.** ташымалдоо, ташуу; **пра́вила перено́са слов** сөздү ташуу эрежелери; **2.** (*знак*) ташымал (*белги*).

**ПЕРЕНОСИ'ТЬ** *несов. см.* **перенести́.**

**ПЕРЕНОСИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **перенести́сь;** **2.** *страд. к* **переноси́ть.**

**ПЕРЕНО'СИЦА** *ж.* мурундун эки көз арасындагы бөлүгү, кайкысы.

**ПЕРЕНО'СКА** *ж. разг.* ташуу, ташып баруу, ташып келүү, көтөрүп баруу, көтөрүп келүү; **перено́ска ме́бели** мебелди ташып баруу.

**ПЕРЕНО'СНЫЙ,** -ая, -ое **1.** көчүрмө, жылдырылма; алып барып, алып келме; **перено́сная ла́мпа** көчүрмө лампа; **2.** (*о значении*) өтмө; **перено́сное значе́ние сло́ва** сөздүн өтмө мааниси; **в перено́сном смы́сле** өтмө маанида.

**ПЕРЕНО'СЧИК** *м.* тараткыч, жуктургуч, ташуучу, таркатуучу; **кома́р — перено́счик маляри́и** чиркей — безгек тараткыч.

**ПЕРЕНОЧЕВА'ТЬ** *сов.* түнөө, конуу, түнөп чыгуу, конуп кетүү, конуп калуу.

**ПЕРЕНУМЕРОВА'ТЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) кайтадан номердеп чыгуу; **2.** (*подряд*) катарынан номердеп чыгуу.

**ПЕРЕНУМЕРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перенумерова́ть.**

**ПЕРЕНЯ'ТЬ** *сов. что* **1.** үйрөнүү; **переня́ть привы́чки** *у кого-л.* бирөөдөн анын адаттарын үйрөнүү; **2.** *обл.* (*перехватить*) жолдон кармап алуу, жолдон тосуп алуу.

**ПЕРЕОБОРУ'ДОВАНИЕ** *ср.* кайтадан башкача кылып жабдыктоо, кайтадан шаймандоо, өзгөртүп жабдыктоо, кайтадан башкача кылып шаймандалуу.

**ПЕРЕОБОРУ'ДОВАТЬ** *сов. и несов. что* кайтадан башкача кылып жабдыктоо, кайтадан башкача кылып шаймандоо, өзгөртүп жабдыктоо.

**ПЕРЕОБРЕМЕНИ'ТЬ** *сов. кого-что* өтө убара кылуу, аябай убара тарттыруу, аябай түйшүк салуу, тарттыруу.

**ПЕРЕОБРЕМЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **переобремени́ть.**

**ПЕРЕОБУВА'НИЕ** *ср.* **1.** *кого* бут кийимди кайтадан кийүү, кийдирүү; **2.** *чего* бут кийимди чечип, башкача кийүү, башка бут кийимди кийдирүү, кийгизүү, кийүү.

**ПЕРЕОБУВА'ТЬ** *несов. см.* **переобу́ть.**

**ПЕРЕОБУВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **переобу́ться;** **2.** *страд. к* **переобува́ть.**

**ПЕРЕОБУ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* бут кийимди чечип, кайта кийгизүү, кийдирүү, кийүү; **переобу́ть ребёнка** баланын бутун чечип, кайра кийгизүү; **2.** *что* (*о себе — надеть другую обувь*) бутту чечип, кайтадан кийүү, башка бут кийимди кийүү, өз бут кийимин өзгөртүү; **переобу́ть сапоги́** өтүктү чечип, кайтадан кийүү.

**ПЕРЕОБУ'ТЬСЯ** *сов.* бутту чечип, кайта кийүү, башка бут кийимди кийүү.

**ПЕРЕОБУЧА'ТЬ** *несов. см.* **переобучи́ть.**

**ПЕРЕОБУЧА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **переобучи́ться;** **2.** *страд. к* **переобуча́ть.**

**ПЕРЕОБУЧЕ'НИЕ** *ср.* кайтадан, жаңыдан окутуу; кайтадан, жаңыдан үйрөтүү.

**ПЕРЕОБУЧИ'ТЬ** *сов. кого* кайтадан, жаңыдан окутуу; кайтадан, жаңыдан үйрөтүү; кайта окутуп чыгаруу; жаңы нерсе үйрөтүү.

**ПЕРЕОБУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* кайтадан, жаңыдан окуу; кайтадан, жаңыдан үйрөнүү.

**ПЕРЕОДЕВА'НИЕ** *ср.* **1.** *кого* кайта кийинүү, кайтадан кийинүү, жаңыдан кийинүү, чечип башка кийиндирүү, кийинүү; **2.** *чего* чечип башканы кийүү, кийим алмаштыруу, өзгөртүп кийүү, башка кийим кийүү.

**ПЕРЕОДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **переоде́ть.**

**ПЕРЕОДЕВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **переоде́ться;** **2.** *страд. к* **переодева́ть.**

**ПЕРЕОДЕ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **переоде́ть;** **2.** *прил.* кайтадан кийиндирилген, башкача кийинген, которуп кийинген, кийимин өзгөрткөн; **3.** *прил.* (*переряженный*) түрүн, кейпин өзгөртүп кийинген.

**ПЕРЕОДЕ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* чечип башканы кийиндирүү; башка кийим кийгизүү, кийиндирүү; кийимин өзгөртүү; **переоде́ть ребёнка** баланы чечиндирип, башка кийиндирүү; **2.** *что* чечип башка кийим кийинүү, кийим ооштуруу, алмаштыруу, кайта кийинүү; **переоде́ть пла́тье** чечип башка көйнөк кийүү.

**ПЕРЕОДЕ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** *во что* чечинип кийинүү, чечип башканы кийинүү, кийим которуп кийинүү, кийимди ооштуруп кийүү, кийимди алмаштырып кийүү, башка кийим кийүү; **переоде́ться в но́вое пла́тье** чечип жаңы көйнөк кийинүү; **2.** *во что, кем* (*замаскироваться*) кийинүү, башкача болуп кийинүү; башкача болуп, кейпин өзгөртүп кийинип алуу; башкача кийинүү, өзгөртүп кийинүү; **переоде́ться же́нщиной** аялдарча кийинүү; **переоде́ться в мужско́е пла́тье** эркектин кийимин кийинип алуу.

**ПЕРЕОСВИДЕ'ТЕЛЬСТВОВАНИЕ** *ср. мед.* кайрадан күбөлөндүрүү, ден соолугун карап кайта күбөлөндүрүү; **медици́нское переосвиде́тельствование** медициналык жактан ден соолугун карап кайтадан күбөлөндүрүү.

**ПЕРЕОСВИДЕ'ТЕЛЬСТВОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что, мед.* кайтадан карап, текшерип көрүп күбөлөндүрүү.

**ПЕРЕОСВИДЕ'ТЕЛЬСТВОВАТЬСЯ** **1.** *сов. и несов. мед.* кайтадан күбөлөндүрүлүү, кайтадан каралып күбөлөндүрүлүү; **2.** *несов. страд, к* **переосвиде́тельствовать**

**ПЕРЕОСМЫ'СЛИТЬ** *сов. что* башкача түшүнүү (*мурунку түшүнүгүн өзгөртүп түшүнүү*).

**ПЕРЕОХЛАДИ'ТЬ** *сов. что* кайтадан муздатуу, суутуу, өтө муздатуу, абдан муздатып жиберүү, өткөрө суутуп салуу.

www.bizdin.kg

**ПЕРЕОХЛАЖДА'ТЬ** *несов., см.* **переохладить.**

**ПЕРЕОХЛАЖДЕ'НИЕ** *ср.* өтө муздатуу, абдан муздоо, өткөрө сууп кетүү.

**ПЕРЕОЦЕ'НИВАТЬ** *несов. см.* **переоценить.**

**ПЕРЕОЦЕНИ'ТЬ** *сов.* 1. *что (заново оценить)* жаңы баа коюу, кайта баа коюу, кайрадан баалоо (*мис. товар*); 2. *кого-что (оценить слишком высоко)* артыкча баа берүү, өтө жогору саноо, ашыра баалап жиберүү; **он переоценил свои способности** ал өзүнүн жөндөмдүүлүгүн ашыра баалап жиберди.

**ПЕРЕОЦЕ'НКА** *ж.* 1. (*заново*) жаңы баа коюу; 2. (*завышение цены*) ашыра баалоо, жогору саноо; 3. (*преувеличенная оценка*) ашык баа, артык баа, өтө жогору саноо.

**ПЕРЕПАДА'ТЬ** *несов. разг.* 1. (*об осадках*) анда-санда жааш, сал-пал жаап туруш; **изредка перепадают дожди** анда-санда жамгыр жаай коёт; 2. *см.* **перепасть** 2.

**ПЕРЕПА'КОСТИТЬ** *сов. что, разг.* аябай булгоо, абдан булгоо.

**ПЕРЕПА'ЛКА** *ж.* 1. *уст. см.* **перестрелка;** 2. *перен. разг.* (*перебранка*) тилдешүү, урушуу, жаакташуу, керишүү, тилдешип айтышуу, кер-мур айтышуу.

**ПЕРЕПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **перепарить.**

**ПЕРЕПА'РИТЬ** *сов. что (слишком)* ашыра демдеп бузуп коюу (*мис. куурчту*); карытып коюу (*мис. чайды*).

**ПЕРЕПА'РИТЬСЯ** *сов.* (*слишком*) өтө буулануу.

**ПЕРЕПА'РХИВАТЬ** *несов. см.* **перепорхнуть.**

**ПЕРЕПА'РЫВАТЬ** *несов. см.* **перепороть.**

**ПЕРЕПА'СТЬ** *сов.* 1. *см.* **перепадать** 1; 2. *безл. кому-чему, перен.* (*достаться*) анча-мынча тийүү, анча-мынча таткануу, бир аз үлөш тийүү.

**ПЕРЕПАХА'ТЬ** *сов.* 1. (*заново*) кайта баштан айдоо (*что-л.*); кайта (жаңыдан) соколоо (*чем-л.*); 2. (*целиком*) бардыгын айдоо (*что-л.*); соколоо (*чем-л.*).

**ПЕРЕПА'ХИВАТЬ** *несов. см.* **перепахать.**

**ПЕРЕПА'ЧКАТЬ** *сов. кого-что* аябай булгоо, өтө шалтактатуу, аябай кирдетүү, баарын булгап таштоо, бардыгын ыпыластап таштоо.

**ПЕРЕПА'ЧКАТЬСЯ** *сов.* аябай булгануу, шалтак болуу, өтө кирдөө.

**ПЕРЕПА'ШКА** *ж. с.-х.* кайта айдоо кайта соколоо.

**ПЕРЕПАЯ'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) жаңыдан данакердөө, кайрадан кандоо; 2. (*всё, много*) бардыгын кандоо, данакердөө.

**ПЕРЕПЕ'В** *м. чаще мн.* эски гөй-гөй, кайта айтуу; **перепевы старого** баягы эле эски гөй-гөйдү айта берүү.

**ПЕРЕПЕВА'ТЬ** *несов. что, разг.* кайталап сүйлөй берүү, кайта айтуу.

**ПЕРЕПЕКА'ТЬ** *несов. см.* **перепечь.**

**ПЕРЕПЕКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перепечься;** 2. *страд. к* **перепекать.**

**ПЕ'РЕПЕЛ** *м.* (*мн.* **перепела**) бөдөнө (*корозу*).

**ПЕРЕПЕЛЕНА'ТЬ** *сов. кого* 1. (*заново*) чечип, кайтадан ороо, чулгоо, бөлөө (*баланы*); 2. (*всех, многих*) бардыгын чечип, кайтадан ороп, чулгап, бөлөп чыгуу.

**ПЕРЕПЕЛЁНЫВАТЬ** *несов. см.* **перепеленать.**

**ПЕРЕПЕЛИ'НЫЙ,** -ая, -ое **перепел**-*ге т.*; **перепелиная охота** бөдөнө улоо; **перепелиное гнездо** бөдөнөнүн уясы.

**ПЕРЕПЁЛКА** *ж.* бөдөнө (*ургаачысы, мекиняны*).

**ПЕРЕПЕ'РЧИВАТЬ** *несов. см.* **переперчить.**

**ПЕРЕПЕ'РЧИТЬ** *сов. что* өтө мурчтоо, аябай калемпирдөө, аябай калемпир салуу, аябай мурч салуу.

**ПЕРЕПЕ'ТЬ** *сов. что, разг.* (*всё, много*) бардыгын ырдоо, бүт ырдап бүтүү.

**ПЕРЕПЕЧА'ТАТЬ** *сов. что* 1. (*заново с печатного текста*) экинчи ирет басып чыгаруу; **перепечатать старое издание** эски басылганын кайтадан басып чыгаруу; 2. (*на пишущей машинке*) көчүрүп кайрадан басуу (*машинкада*); **перепечатать рукопись** кол жазманы көчүрүп кайрадан басуу.

**ПЕРЕПЕЧА'ТКА** *ж.* 1. (*действие*) жаңыдан кайта басып чыгаруу, көчүрүп кайрадан басуу; 2. (*перепечатанная работа*) экинчи ирет басылып чыккан чыгарма.

**ПЕРЕПЕЧА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **перепечатать.**

**ПЕРЕПЕ'ЧЬ** *сов. что* 1. (*слишком*) ашыра кактап, катырма кылып бышыруу (*мис. дандырга*); 2. (*всё, много*) бардыгын бышыруу, бүт бышыруу (*мис. нан, печенье, самса*).

**ПЕРЕПЕ'ЧЬСЯ** *сов.* өтө бышуу.

**ПЕРЕПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **перепилить.**

**ПЕРЕПИЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*надвое*) араалап, таарып экиге бөлүү; 2. (*всё, много*) бардыгын араалап, таарып чыгуу; **перепилить все дрова** бардык отунду араалап чыгуу.

**ПЕРЕПИСА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*заново*) жаңыдан, кайтадан жазуу; 2. *что* (*списать*) көчүрүү, көчүрүп жазуу, көчүрүп чыгуу; **переписать на машинке** машинкада көчүрүп жазуу; 3. *кого-что* (*сделать список*) бардыгын каттап чыгуу, тизмелөө, тизмелеп чыгуу; **переписать присутствующих** катышуучулардын бардыгын каттап чыгуу.

**ПЕРЕПИ'СКА** *ж.* 1. жаңыдан, кайтадан жазуу; көчүрүп жазуу; **переписка на машинке** машинкада көчүрүп жазуу; 2. (*обмен письмами*) кат алышуу, кат жазышып туруу, кабарлашып туруу; 3. *собир.* (*письма*) жазылган, алынган каттар.

**ПЕРЕПИ'СЧИК** *м.* көчүрмөчү, көчүрүп жазуучу.

**ПЕРЕПИ'СЧИЦА** *женск. р. к* **переписчик.**

**ПЕРЕПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **переписать.**

**ПЕРЕПИ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *с кем* кат алышуу, кат жазышуу, кабарлашып туруу; **мы с ними часто переписываемся** биз алар менен тез-тез кат алышып турабыз; 2. *страд. к* **переписывать.**

**ПЕ'РЕПИСЬ** *ж.* каттоо; **перепись населения** калкты каттоо, эл каттоо; **перепись скота** мал каттоо, мал санак.

**ПЕРЕПИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* өлөрчө көп ичип мас болуу.

**ПЕРЕПЛА'ВИТЬ** I *сов. что* (*метал*) кайтадан эритүү, эритип буюмга айландыруу, эритиндиге айландыруу.

**ПЕРЕПЛА'ВИТЬ** II *сов. кого-что* (*по воде*) сал агызуу, суу менен агызуу.

**ПЕРЕПЛА'ВИТЬСЯ** *сов.* кайтадан эритилүү, эритилип буюмга айлануу, эритиндиге айлануу.

**ПЕРЕПЛА'ВКА** *ж.* кайтадан эритүү, эритип буюмга айландыруу, эритиндиге айландыруу; **переплавка металлов** металлдарды кайтадан эритүү.

**ПЕРЕПЛАВЛЯ'ТЬ** I *несов. см.* **переплавить** I.

**ПЕРЕПЛАВЛЯ'ТЬ** II *несов. см.* **переплавить** II.

**ПЕРЕПЛАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переплавиться;** 2. *страд. к* **переплавлять.**

**ПЕРЕПЛАНИ'РОВА'ТЬ** *сов. что* кайтадан пландоо, жаңыдан план түзүү, бир нерсенин планын өзгөртүү.

**ПЕРЕПЛАНИРО'ВКА** *ж.* кайта пландоо, жаңыдан пландаштыруу; **перепланировка города** шаарды кайта пландоо.

**ПЕРЕПЛАНИРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перепланировать.**

**ПЕРЕПЛАТИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*заплатить лишнее*) артык төлөө, ашык төлөп жиберүү; 2. *разг.* (*заплатить, истратить много*) көп төлөө; төлөй берип, көп төлөп коюу; ашык төлөө; **переплатить много денег** акчаны төлөй берип (бере берип) көп төлөп коюу.

**ПЕРЕПЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **переплатить.**

**ПЕРЕПЛЕСТИ'** *сов. что* 1. (*книгу*) мукабалоо, түптөө; 2. (*перевить*) өрүү, согуу, эшүү, кошо өрүү; **переплести косы лентами** чачты лента менен кошо өрүү; 3. (*заново заплести*) кайта, жаңыдан өрүү; кайта, жаңыдан эшүү; кайта, жаңыдан согуу (*сплести*); **переплести косу** чачты кайтадан өрүү.

**ПЕРЕПЛЕСТИ'СЬ** *сов.* 1. (*сплестись*) оролуу, эшилүү, чырмалуу, оролушуп калуу, чырмалышып калуу; **растения переплелись между собой** өсүмдүктөр бири-бири менен чырмалышты, оролушту; 2. *перен.* чатышуу, чиеленишүү, түйүлүшүү; **мысли переплелись у него в голове** анын башында ар түрдүү ойлор чиеленишти.

www.bizdin.kg

**ПЕРЕПЛЁТ** *м.* 1. (*действие*) мукабалоо, түптөө; **отдать книгу в переплёт** китепти мукабалоого берүү; 2. (*крышка книги*) мукаба; 3. (*оконный*) терезе рамасынын көздөрү, терезенин торчо жыгачтары; ◇ **попасть в переплёт** *разг.* чатак ишке дуушар болуу.

**ПЕРЕПЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **переплести**.

**ПЕРЕПЛЕТА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переплестись**; 2. *страд. к* **переплетать**.

**ПЕРЕПЛЕТЕ'НИЕ** *ср.* 1. *текст.* согулуу, айкалышуу (*кездеме токулганда жиптердин бир-бирине айкалышуусунун бир түрү*); 2. (*перевивание*) өрүү, эшүү, согуу; 3. оролуу, эшилүү, чырмалуу; **сложное переплетение жилок листа** жалбырактын тарамдарынын татаал чырмалышы; 4. *перен.* чатышуу, чиеленүү, түйүлүшүү; **переплетение обстоятельств** шарттардын, жагдайлардын чиелениши.

**ПЕРЕПЛЁТНАЯ** *ж.* китеп түптөй турган орун, китеп мукабалоочу мастерская.

**ПЕРЕПЛЁТНЫЙ**, -ая, -ое **переплёт**-ко *т.*; **переплётная мастерская** китеп мукабалоочу мастерская, **переплётная бумага** мукаба кагазы.

**ПЕРЕПЛЁТЧИК** *м.* мукабачы, түптөгүч.

**ПЕРЕПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **переплыть**.

**ПЕРЕПЛЫ'ТЬ** *сов. что, через что* чабак уруп өтүү, сүзүп өтүү; **переплыть реку** өзөндөн чабак уруп, сүзүп өтүү; **переплыть через океан** океандан сүзүп өтүү (*пароход менен*).

**ПЕРЕПОДГОТА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **переподготовить**.

**ПЕРЕПОДГОТО'ВИТЬ** *сов. кого-что* кайтадан даярдап чыгуу, жаңыдан даярдоо; **переподготовить педагогов** педагогдорду кайтадан даярдап чыгуу.

**ПЕРЕПОДГОТО'ВКА** *ж.* кайтадан даярдоо, жаңыдан кайта даярдоо; **курсы по переподготовке учителей** мугалимдерди кайта даярдоо курсу.

**ПЕРЕПОИ'ТЬ** *сов. кого* (*слишком*) абдан көп ичирүү; ичкиликти көп ичирүү, ичкилик менен сугаруу, мас кылып таштоо (*спиртными напитками*).

**ПЕРЕПО'Й** *м.*: **с перепоя** *или* **с перепою** *разг.* ичкиликти ашыра ичкендиктен.

**ПЕРЕПОЛА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **переполоскать**.

**ПЕРЕПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **переползти**.

**ПЕРЕПОЛЗТИ'** *сов. через что* өрмөлөп, сойлоп, боору менен жылып өтүү, эмгектеп өтүү; **разведчик переполз через дорогу** чалгынчы жолдон боору менен жылып өттү.

**ПЕРЕПОЛНЕ'НИЕ** *ср.* толуу, өтө толуп кетүү, аша толуу; **переполнение желудка** аш казандын өтө толуп кетиши.

**ПЕРЕПО'ЛНИТЬ** *сов. что чем* 1. өтө толтуруу, жык толтуруу, ашыра толтуруу, жыкжыйма кылуу; 2. *перен.* толтуруу; **это известие переполнило моё сердце радостью** бул кабар менин койнумду кубанычка толтурду.

**ПЕРЕПО'ЛНИТЬСЯ** *сов.* 1. аябай толуу, жык толуу, жыкжыйма болуу; 2. *перен.* аябай толуу; **моё сердце переполнилось радостью** менин койнум кубанычка аябай толду.

**ПЕРЕПОЛНЯ'ТЬ** *несов. см.* **переполнить**.

**ПЕРЕПОЛНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переполниться**; 2. *страд. к* **переполнять**.

**ПЕРЕПОЛОСКА'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) кайтадан чайкоо; 2. (*всё, много*) түгөл чайкоо, чайкап чыгуу, баарын чайкоо.

**ПЕРЕПОЛО'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) кайтадан отоо, кайрадан отоп чыгуу; **переполоть грядку** жөөктү кайтадан отоо; 2. (*всё или несколько участков*) бардыгын же көбүн отоо, отоп чыгуу, отоп өтүү; **переполоть все грядки** бардык жөөктөрдү отоо.

**ПЕРЕПОЛО'Х** *м.* тополоң, дүрбөлөң, чак-челекей, уу-чуу; **произвести переполох** дүрбөлөң түшүрүү.

**ПЕРЕПОЛОШИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* шаштыруу, дүрбөлөң түшүрүү, тополоңго салуу, байкоосуздан коркутуу, үрөйүн алуу; **вызвать переполох** дүрбөлөң чыгаруу; **громкий стук переполошил спящих** катуу түрс этиш уктап жаткандарга дүрбөлөң түшүрдү.

**ПЕРЕПОЛОШИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* тополоң түшүү, дүрбөлөң түшүү, чакчелекей чыгуу, уу-чуу болуу.

**ПЕРЕПО'НКА** *ж.* жаргак, жаргакча, перепонка; **барабанная перепонка** *анат.* кулак жаргакчасы, кулактын тарсылдагы; **плавательная перепонка** сүзүү жаргагы, таман жаргагы (*сууда сүзүп жүрүүчү каз, өрдөк сыяктуу куштардын тамакы*).

**ПЕРЕПОНЧАТОКРЫ'ЛЫЕ** *мн.* (*ед.* **перепончатокрылое** *ср.*) *зоол.* жаргак канаттуулар (*аары, ийнелик, чымын, чиркей ж. б.*).

**ПЕРЕПО'НЧАТЫЙ**, -ая, -ое жаргактуу.

**ПЕРЕПОРО'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново распороть*) кайта сөгүү; 2. (*всё, многое*) баарын сөгүү (*кийимди*).

**ПЕРЕПО'РТИТЬ** *сов. кого-что* бардыгын бузуу, бардыгын бүлдүрүү, ишке жаратпай таштоо, иштен чыгаруу.

**ПЕРЕПО'РТИТЬСЯ** *сов. разг.* бардыгы бузулуу, бардыгы бүлүнүү; ишке жарабай калуу, иштен чыгуу.

**ПЕРЕПОРУЧА'ТЬ** *несов. см.* **перепоручить**.

**ПЕРЕПОРУЧИ'ТЬ** *сов. что кому-чему* башкага тапшыруу, экинчи бирөөгө тапшыруу, кайта бирөөгө жүктөө.

**ПЕРЕПОРХНУ'ТЬ** *сов.* бырпырап дагы бир жерге учуп конуу.

**ПЕРЕПОЯ'САТЬ** *сов. кого-что* 1. (*заново*) кайтадан курчоо; 2. *разг.* (*опоясать*) курчоо (*белди*).

**ПЕРЕПОЯ'САТЬСЯ** *сов.* 1. (*заново*) кайтадан курчануу; 2. *разг.* (*опоясаться*) курчануу.

**ПЕРЕПОЯ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **перепоясать**.

**ПЕРЕПОЯ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перепоясаться**; 2. *страд. к* **перепоясывать**.

**ПЕРЕПРА'ВА** *ж.* 1. (*действие*) өтүү, өткөрүү, өткөзүү, ашыруу (*дарыядан, суудан*); 2. (*место*) өткөөл, кечүү.

**ПЕРЕПРА'ВИТЬ** I *сов.* 1. *кого-что через что* (*перевезти*) өткөрүү, өткөзүү, ашыруу (*өзөндөн, дарыядан, тоодон*), 2. *что* (*переслать*) андан ары тийиштүү жагына жөнөтүү (*жиберүү*); **переправить письмо адресату** катты тийиштүү адресатка андан ары жөнөтүү.

**ПЕРЕПРА'ВИТЬ** II *сов. что, разг.* (*исправить*) оңдоп жазуу, кайта оңдоп чыгуу; **переправить написанное** жазылганды оңдоп жазуу.

**ПЕРЕПРА'ВИТЬСЯ** *сов.* өтүү (*дарыядан, өзөндөн*); **переправиться через реку** өзөндөн өтүү.

**ПЕРЕПРА'ВКА** *ж. разг. см.* **переправа** 1.

**ПЕРЕПРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **переправить**.

**ПЕРЕПРАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переправиться**; 2. *страд. к* **переправлять**.

**ПЕРЕПРА'ВОЧНЫЙ**, -ая, -ое өткөрүүчү, өткөзүүчү, ашыруучу, өткөрүү үчүн колдонулуучу.

**ПЕРЕПРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **перепреть**.

**ПЕРЕПРЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое чирип бузулган, көгөрүп кеткен, борсуган; **перепрелое зерно** чирип бузулган эгин, чирип бузулган дан.

**ПЕРЕПРЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*сгнить*) чирип бузулуу, көгөрүп кетүү, борсуу; 2. *разг.* (*от долгой варки*) өтө эзилип бышуу, шылынып кетүү; **мясо перепрело** эт өтө эзилип бышты, эт шылынып кетти.

**ПЕРЕПРО'БОВАТЬ** *сов. что* бардыгынын даамын татуу, бардыгын байкоо, иштеп көрүү, сынап чыгуу; **он перепробовал все кушанья** ал тамактардын бардыгынын даамын татып көрдү.

**ПЕРЕПРОДАВА'ТЬ** *несов. см.* **перепродать**.

**ПЕРЕПРОДА'ЖА** *ж.* алып сатуу, өзү сатып алып башкага сатуу; **перепродажа вещей** буюмдарды алып сатуу.

**ПЕРЕПРОДА'ТЬ** *сов. что* алып сатуу, өзү сатып алып башкага сатуу.

**ПЕРЕПРОИЗВО'ДСТВО** *ср. эк.* артык өндүрүү, ашыра өндүрүү (*товарлардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнөн ашыра өндүрүлүшү*).

www.bizdin.kg

**ПЕРЕПРУДИ'ТЬ** *сов. что, разг.* тосуу, байлоо, бөгөттөө, буу, буруу; **перепрудить реку** өзөндү байлап таштоо, өзөндү бууп салуу.

**ПЕРЕПРУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **перепрудить.**

**ПЕРЕПРЫ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **перепрыгнуть.**

**ПЕРЕПРЫ'ГНУТЬ** *сов. что, через что* алыс ыргуу, аша секирүү, ыргып өтүү, секирип өтүү; **перепрыгнуть ров** андан секирип өтүү.

**ПЕРЕПРЯГА'ТЬ** *несов. см.* **перепрячь.**

**ПЕРЕПРЯ'ЧЬ** *сов. кого-что (заново)* кайтадан, жаңыдан чегүү; кайтадан, жаңыдан кошуу (*мис. атты арабага*).

**ПЕРЕПУ'Г** *м.*: **с перепугу** *разг.* корккондуктан, коркуп кеткендиктен, коркуп кетип.

**ПЕРЕПУГА'ТЬ** *сов. кого-что* коркутуу, чочутуу, үрөйүн учуруу, шаштысын кетирүү.

**ПЕРЕПУГА'ТЬСЯ** *сов.* коркуу, коркуп кетүү, үрөйү учуп кетүү, шаштысы кетүү.

**ПЕРЕПУ'ТАТЬ** *сов. что* 1. (*запутать*) чатыштыруу, чиелештирүү, аралаштырып жиберүү, бүлдүрүү; **перепутать нитки** жипти чатыштыруу; 2. *перен.* чаташтыруу; **он перепутал их имена** ал алардын аттарын чаташтырып салды.

**ПЕРЕПУ'ТАТЬСЯ** *сов.* 1. (*спутаться*) чатышуу, чиеленүү, аралашып калуу; **все нитки перепутались** бардык жиптер чатышты; 2. *перен.* чаташуу; **у меня в голове всё перепуталось** менин башымда бардыгы чаташып калды.

**ПЕРЕПУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **перепутать.**

**ПЕРЕПУ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перепутаться;** 2. *страд. к* **перепутывать.**

**ПЕРЕПУ'ТЬЕ** *ср.* жол айрылышы, тогуз жолдун тоому; ◊ **на перепутье** арсар болуп, эки ойлуу болуп.

**ПЕРЕРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **переработать.**

**ПЕРЕРАБА'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переработаться;** 2. *страд. к* **перерабатывать.**

**ПЕРЕРАБО'ТАТЬ** *сов. что* 1. (*в какой-л. продукт*) иштеп чыгаруу, жасап чыгаруу, өндүрүү; **переработать хлопок в пряжу** пахтадан жип жасап чыгаруу; 2. (*об органических процессах*) сиңдирүү, сиңирүү; **переработать пищу** тамакты сиңирүү; 3. (*переделать*) кайтадан иштеп чыгуу, кайта оңдоп чыгуу, өзгөртүү; **переработать статью** макаланы кайтадан иштеп чыгуу; 4. (*проработать лишнее*) артык (ашык) иштөө, нормадан ашык иштөө; **он переработал три часа** ал үч саат ашык иштеди.

**ПЕРЕРАБО'ТАТЬСЯ** *сов.* 1. (*преобразоваться*) иштетилип башка түр алуу, башка затка өтүү (айлануу); 2. *разг.* (*переутомиться*) иштеп, аябай чарчоо.

**ПЕРЕРАБО'ТКА** *ж.* 1. (*в какой-л. продукт*) иштелип чыгуу, жасалып чыгуу, кайтадан иштөө, жаңыдан иштөө; **керосин — продукт переработки нефти** керосин — нефтиден иштелип чыккан продукт; 2. (*переделка*) кайтадан иштеп чыгуу, кайта оңдоп чыгуу, өзгөртүү; **переработка рукописи** кол жазманы кайта оңдоп чыгуу; 3. (*работа сверх нормы*) артык (ашык) иштегендик, нормадан ашык иштегендик; **уплатить за переработку** ашык иштегендиги үчүн төлөө.

**ПЕРЕРАСПРЕДЕЛЕ'НИЕ** *ср.* кайтадан бөлүштүрүү; жаңыдан бөлүштүрүү, кайтадан үлөштүрүү, жаңыдан үлөштүрүү; **перераспределение доходов** *эк.* доходдорду (кирешелерди) кайтадан бөлүштүрүү; **перераспределение пара** *тех.* бууну кайтадан бөлүштүрүү.

**ПЕРЕРАСПРЕДЕЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* кайтадан бөлүштүрүү, кайтадан үлөштүрүү, жаңыдан бөлүштүрүү, жаңыдан үлөштүрүү.

**ПЕРЕРАСПРЕДЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **перераспределить.**

**ПЕРЕРАСТА'НИЕ** *ср.* өсүп өтүү, айлануу; **перерастание буржуазно-демократической революции в социалистическую** буржуазиялык-демократиялык революциянын социалисттик революцияга өсүп өтүшү.

**ПЕРЕРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **перерасти.**

**ПЕРЕРАСТИ'** *сов.* 1. *кого-что* (*стать выше ростом*) өсүү, өсүп ашып кетүү, өсүп кетүү, узун болуп кетүү; **сын перерос отца** уулу өсүп, атасынан ашып кетти; 2. (*стать старше, чем требуется*) чоң болуп калуу, жашы өтүп кетүү, өсүп ашып кетүү, өсүп өтүп кетүү; **для детского сада он перерос** балдар бакчасы үчүн анын жашы өтүп кетти; 3. *кого-что, перен.* (*обогнать в развитии*) өсүп кетүү, өсүп ашып кетүү, өсүп озуу, өтүп кетүү; **перерасти своего учителя** өсүп мугалиминен өтүп кетүү; 4. *во что, перен.* айлануу, өсүп айлануу.

**ПЕРЕРАСХО'Д** *м.* ашык расход, ашык сарптоо, өлчөмдөн ашык сарп кылуу; **перерасход против сметы** сметадан ашык расход.

**ПЕРЕРАСХО'ДОВАТЬ** *сов. и несов. что* ашыра расходдоо, ашыра сарптоо, өлчөмдөн ашыра сарп кылуу; **перерасходовать электроэнергию** электр энергиясын ашык расходдоо.

**ПЕРЕРАСЧЁТ** *м.* кайтадан расчёт кылуу, кайта эсептешүү, алгы-бергини кайтадан тактоо, эсептөө; **произвести перерасчёт** *с кем-л.* бирөө менен кайтадан эсептешүү.

**ПЕРЕРВА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*разорвать*) үзүү, үзүп жиберүү (*мис. жипти*); жыртуу (*мис. кагазды*); **перервать верёвку** жипти үзүп жиберүү; 2. *кого-что, перен. разг.* (*перебить*) бөлүү, сөздү бөлүү; **я вас перерву на минуту** мен сиздин сөзүңүздү бир минутага бөлөйүн; 3. *кого-что, разг.* (*разъединить*) үзүп кетүү, бөлүп кетүү, бөлүп жиберүү; **телефонный разговор перервали** телефон аркылуу сүйлөшүп жаткан сөздү бөлүп кетишти.

**ПЕРЕРВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*разорваться*) үзүлүү, үзүлүп калуу; **верёвка перервалась** жип үзүлүп калды; 2. *разг.* (*прекратиться*) бөлүнүү, токтолуп калуу.

**ПЕРЕРЕГИСТРА'ЦИЯ** *ж.* кайта каттоо, кайта регистрациялоо.

**ПЕРЕРЕГИСТРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* кайтадан жаңы каттоо, кайта регистрациялоо; **перерегистрировать членскую книжку** мүчөлүк книжканы кайта регистрациялоо.

**ПЕРЕРЕГИСТРИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов.* кайта катталуу, кайта регистрациялануу.

**ПЕРЕРЕ'ЗАТЬ** *сов.* 1. *что* (*разрезать*) кесүү, кесип таштоо, кыйып салуу, кесип эки бөлүү, кыркуу, кыркып жиберүү; 2. *кого-что* (*зарезать всех, многих*) бардыгын муудап салуу, бардыгын союу; 3. *что, перен.* (*пересечь в каком-л. направлении*) кесип өтүү, басып өтүү; 4. *что, перен.* (*преградить*) кесүү, тосуп калуу, бөгөп калуу; **перерезать путь неприятелю** душмандын жолун бөгөп калуу.

**ПЕРЕРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **перерезать** 1, 3, 4.

**ПЕРЕРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **перерезать.**

**ПЕРЕРЕША'ТЬ** *несов. см.* **перерешить.**

**ПЕРЕРЕШИ'ТЬ** *сов. что, разг.* кайта чыгаруу (*мис. эсепти*); кайтадан чечүү (*мис. маселени*).

**ПЕРЕРЖА'ВЕТЬ** *сов.* 1. (*покрыться ржавчиной*) аябай дат басып кетүү; 2. (*испортиться от ржавчины*) дат басып бузулуп калуу.

**ПЕРЕРИСОВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) сүрөттү кайтадан тартуу, кайта оңдоп тартуу, сүрөттү көчүрүп тартуу; 2. (*всё, многое*) бардыгын сүрөткө тартып чыгуу, сүрөткө түшүрүп чыгуу.

**ПЕРЕРИСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перерисовать** 1.

**ПЕРЕРОДИ'ТЬ** *сов. кого-что* таптакыр өзгөртүү, жашартуу.

**ПЕРЕРОДИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*ухудшиться, выродиться*) мурунку касиеттерин жоготуп, начарлап кетүү (*мис. шарттары ылайык келбеген жердеги өсүмдүк*); 2. (*коренным образом измениться*) таптакыр өзгөрүү, таптакыр башкага айлануу.

**ПЕРЕРОЖДА'ТЬСЯ** *несов. см.* **переродиться.**

**ПЕРЕРОЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*ухудшение, вырождение*) мурунку касиеттерин жоготуп, начарлап кетүү (*мис. шартта-*

www.bizdin.kg

*ры туура келбеген жердеги өсүмдүк*); 2. (*коренное изменение*) таптакыр өзгөрүү, таптакыр башкага айлануу, бүтүндөй өзгөрүлүү.

**ПЕРЕРО́СТОК** *м. разг.* жашы өтүп кеткен; **учени́к-переро́сток** жашы өтүп кеткен окуучу.

**ПЕРЕРУБА́ТЬ** *несов. см.* **перерубить.**

**ПЕРЕРУБИ́ТЬ** *сов. что* 1. (*надвое*) экиге бөлө чабуу, жара чабуу, ортосунан жара чабуу; 2. *разг.* (*изрубить мечами, саблями и пр.*) кылычтап кескилеп салуу.

**ПЕРЕРУГА́ТЬСЯ** *сов. разг.* уруша кетүү, тилдеше кетүү, бардыгы менен *же* бардыгы бири-бири менен урушуп чыгуу.

**ПЕРЕРУ́ГИВАТЬСЯ** *несов. разг.* тилдешүү, кер-мур айтышуу, урушуу.

**ПЕРЕРЫ́В** *м.* 1. перерыв (*дем алуу, тыныгуу, танапис*); **сде́лать на де́сять мину́т переры́в** он минутага перерыв жасоо; 2. (*пробел*) үзүлүш; **переры́в в ста́же рабо́ты** жумуш стажындагы үзүлүш.

**ПЕРЕРЫВА́ТЬ** I *несов. см.* **перерва́ть.**

**ПЕРЕРЫВА́ТЬ** II *несов. см.* **переры́ть.**

**ПЕРЕРЫ́ТЬ** *сов. что* 1. (*вновь перекопать*) кайтадан казуу, казгылоо; 2. (*разрыть всё*) бардыгын казуу, казып таштоо; **переры́ть всё по́ле** талаанын бардыгын казуу; 3. *перен.* (*в поисках чего-л.*) оодаруу, актаруу, бардыгын тинтип актаруу, тинтип чыгуу, тинткилөө.

**ПЕРЕРЯДИ́ТЬ** *сов. кого-что* башкача кылып кийиндирүү (*көбүнчө маскарад үчүн*).

**ПЕРЕРЯДИ́ТЬСЯ** *сов. во что, кем* башкача кийинүү (*көбүнчө маскарад үчүн*).

**ПЕРЕРЯЖА́ТЬ** *несов. см.* **перерядить.**

**ПЕРЕРЯЖА́ТЬСЯ** *несов. см.* **перерядиться.**

**ПЕРЕСАДИ́ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*посадить на другое место*) которуп отургузуу, орун алмаштырып отургузуу; 2. *что* (*растение*) көчүрүп тигүү, көчүрүп отургузуу, башка жерге тигүү; 3. *что, мед.* жамоо, жамаштыруу, жалгоо, жапшыруу (*бир жердин этин же сөөгүн башка жерге жамоо*).

**ПЕРЕСА́ДКА** *ж.* 1. көчүрүп тигүү, көчөт отургузуу, көчөттөп отургузуу; **переса́дка расте́ний** өсүмдүктү көчүрүп тигүү; 2. *мед.* жамоо, жамаштыруу, жалгоо, жапшыруу; **переса́дка тка́ней** этти жамаштыруу; 3. (*в пути*) пересадка (*которулуп түшүү, мис. поездден поездге же самолёттон самолётко*).

**ПЕРЕСА́ЖИВАТЬ** *несов. см.* **пересади́ть.**

**ПЕРЕСА́ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пересе́сть;** 2. *страд. к* **переса́живать.**

**ПЕРЕСА́ЛИВАТЬ** *несов. см.* **пересолить.**

**ПЕРЕСДАВА́ТЬ** *несов. см.* **пересда́ть.**

**ПЕРЕСДА́ТЬ** *сов. что* 1. *карт.* (*сдать заново*) кайтадан бөлүү, кайра тартуу; 2. (*напр. экзамен*) кайтадан берүү, кайра тапшыруу, кайра өткөзүү; 3. (*напр. помещение*) өзү алганын бирөөгө өткөрүп берүү (*мис. квартираны*).

**ПЕРЕСДА́ЧА** *ж. разг.* 1. *карт.* кайтадан бөлүштүрүү, кайрадан тартуу; 2. кайтадан берүү, кайра тапшыруу, кайра өткөзүү; **пересда́ча экза́мена** экзаменди кайтадан берүү.

**ПЕРЕСЕ́В** *м.* кайтадан себүү.

**ПЕРЕСЕВА́ТЬ** *несов. см.* **пересе́ять.**

**ПЕРЕСЕДЛА́ТЬ** *сов. кого* 1. (*заново*) ээрди кайта токуу; 2. (*всех, многих*) бардыгын токуп чыгуу, текши токуп чыгуу.

**ПЕРЕСЕКА́ТЬ** *несов. см.* **пересе́чь.**

**ПЕРЕСЕКА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пересе́чься; паралле́льные ли́нии никогда́ не пересека́ются** жарыш сызыктар эч убакта бири-бирин кесип өтпөйт; 2. *страд. к* **пересека́ть.**

**ПЕРЕСЕЛЕ́НЕЦ** *м.* переселенец (*бир жерден экинчи жерге көчүрүлгөн адам*).

**ПЕРЕСЕЛЕ́НИЕ** *ср.* переселение, көчүү, көчүрүү; **переселе́ние на но́вую кварти́ру** жаңы квартирага көчүү.

**ПЕРЕСЕЛЕ́НКА** *женск. р. к* **переселе́нец.**

**ПЕРЕСЕЛИ́ТЬ** *сов. кого-что* көчүрүү.

**ПЕРЕСЕЛИ́ТЬСЯ** *сов.* көчүп баруу, көчүп кирүү, башка жайга көчүп баруу; **пересели́ться на но́вую кварти́ру** жаңы квартирага көчүп баруу.

**ПЕРЕСЕЛЯ́ТЬ** *несов. см.* **пересели́ть.**

**ПЕРЕСЕЛЯ́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пересели́ться;** 2. *страд. к* **переселя́ть.**

**ПЕРЕСЕ́СТЬ** *сов.* 1. орун алмаштырып отуруу, башка орунга отуруу; **он пересе́л побли́же к окну́** ал терезеге жакын келип отурду; 2. (*сделать пересадку*) алмашып отуруу, которулуп отуруу, пересадка жасоо; **пересе́сть на друго́й по́езд** башка поездге которулуп отуруу.

**ПЕРЕСЕЧЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кесип өтүү; **то́чка пересече́ния ли́ний** сызыктардын бири-бирин кесип өткөн точкасы; 2. (*место*) кесип өткөн жери, айкашкан жер, кайчылашкан жери; **на пересече́нии доро́г** эки жолдун кайчылашкан жеринде, жолдун айкалышында.

**ПЕРЕСЕЧЁННОСТЬ** *ж.* өңгүл-дөңгүлдүк, адыр-будурдук, өйдө-ылдыйлык, уңкул-чуңкулдук; **пересечённость ме́стности затрудня́ет движе́ние** жердин өңгүл-дөңгүлдүгү жүрүүнү кыйындатат.

**ПЕРЕСЕЧЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **пересе́чь;** 2. *прил.* өңгүл-дөңгүл, адыр-будур болгон, уңкул-чуңкул (*ары-бери жол, коо, суу өткөн*); **пересечённая ме́стность** адыр-будур (*түз эмес*) жер.

**ПЕРЕСЕ́ЧЬ** *сов. что* 1. (*перейти поперёк*) өтүү, кесип өтүү; **отря́д втори́чно пересёк реку́** отряд экинчи жолу өзөндү өттү; 2. *перен.* (*преградить*) кесүү, тосуп калуу, бөгөп калуу; **пересе́чь путь неприя́телю** душмандын жолун тосуп калуу; 3. *перен.* (*пройти по поверхности чего-л.*) кесип өтүү, басып өтүү; **желе́зная доро́га пересечёт на́шу о́бласть** темир жол биздин областты кесип өтөт.

**ПЕРЕСЕ́ЧЬСЯ** *сов.* кесилип өтүү, кайчылашуу; **э́ти ли́нии пересекли́сь в то́чке А** бул сызыктар А точкасында кайчылашып өтүшкөн.

**ПЕРЕСЕ́ЯТЬ** *сов. что* 1. (*посеять заново*) кайтадан, жаңыдан себүү; 2. (*просеять заново*) кайтадан, жаңыдан элөө.

**ПЕРЕСИДЕ́ТЬ** *сов.* 1. (*просидеть дольше, чем следует*) көбүрөөк туруп калуу, отуруп калуу; **хлеб пересиде́л в пе́чке** нан меште көбүрөөк туруп калды; 2. *кого, разг.* (*просидеть дольше других*) баарыдан көп отуруу, узак отуруу.

**ПЕРЕСИ́ЖИВАТЬ** *несов. см.* **пересиде́ть.**

**ПЕРЕСИ́ЛИВАТЬ** *несов. см.* **переси́лить.**

**ПЕРЕСИ́ЛИТЬ** *сов.* 1. *кого* (*побороть*) алы жетүү, күчү жетүү, басым келүү, жеңип чыгуу, күчтүүлүк кылуу; 2. *что, перен.* жеңүү, чыдоо, чыдамдуулук кылуу; **он переси́лил свой страх** ал өзүнүн коркконун жеңди; **он переси́лил боль** ал ооруга чыдамдуулук кылды.

**ПЕРЕСИ́НИВАТЬ** *несов. см.* **пересини́ть.**

**ПЕРЕСИНИ́ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) кайтадан, жаңыдан көгөртүү; көккө боёо, кайрадан көк боёкко салуу; кайтадан, жаңыдан синкелөө (*кирди*); 2. (*слишком*) өтө көгөртүп жиберүү, аябай көгөртүү, өткөрө көгөртүп жиберүү, өткөрө синкелеп жиберүү (*кирди*).

**ПЕРЕСКА́З** *м.* 1. (*действие*) кайта сүйлөп *же* жазып берүү (*окуганды же укканды*); **переска́з прочи́танного** окуганды кайта сүйлөп берүү; 2. (*изложение*) кыскача мазмунун жазуу; **написа́ть переска́з** окугандын кайта кыскача мазмунун жазып берүү.

**ПЕРЕСКАЗА́ТЬ** *сов. что* 1. (*изложить своими словами*) кайта сүйлөп *же* жазып берүү (*окуганды же укканды*); 2. (*рассказать*) айтуу, аңгеме сүйлөө (*бир нерсе жөнүндө аңгеме сүйлөө*); **я сто́лько ви́дел, что всего́ не переска́жешь** мен ушунчалык көптү көрдүм, бардыгын айтып да түгөтө албаймын.

**ПЕРЕСКА́ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **пересказа́ть.**

**ПЕРЕСКА́КИВАТЬ** *несов. см.* **перескочи́ть.**

www.bizdin.kg

**ПЕРЕСКОЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, через что* секирип өтүү, каргып өтүү, ыргып өтүү; 2. *перен. разг.* аттап кетүү.

**ПЕРЕСЛАСТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* өтө таттуу кылып жиберүү.

**ПЕРЕСЛА'ТЬ** *сов. что* жиберүү, жөнөтүү, берип жиберүү; **переслáть письмó по пóчте** катты почта аркылуу жиберүү.

**ПЕРЕСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **пересмотрéть.**

**ПЕРЕСМЕ'ИВАТЬСЯ** *несов. с кем, разг.* күлүшүү, жымыңдашуу, өз ара күлүшүү, жымыңдашып күлүшүп калуу.

**ПЕРЕСМЕ'ШНИК** *м. разг.* күлүп шылдың кылуучу, шылдыңчы, шылдыңкор.

**ПЕРЕСМО'ТР** *м.* кайта кароо, кайра кароо, кайта текшерүү; **пересмóтр судéбного дéла** соттук ишти кайра кароо.

**ПЕРЕСМОТРЕ'ТЬ** *сов. что* 1. (*осмотреть заново*) кайтадан карап чыгуу; 2. (*рассмотреть заново*) кайтадан кароо; **пересмотрéть приговóр судá** соттун өкүмүн кайтадан кароо.

**ПЕРЕСНИМА'ТЬ** *несов. см.* **переснять.**

**ПЕРЕСНИМА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пересняться;** 2. *страд. к* **переснимáть.**

**ПЕРЕСНЯ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что, фото, кино* сүрөткө кайтадан тартуу, сүрөткө кайтадан түшүрүү; 2. *что, геод.* кайтадан тартуу, кайтадан түшүрүү.

**ПЕРЕСНЯ'ТЬСЯ** *сов. фото* сүрөткө кайтадан түшүү.

**ПЕРЕСО'Л** *м.* тузун өткөрүп жиберүү, тузду көп салып жиберүү; ◇ **недосóл на столé, а пересóл на спинé** *посл.* тузу аз болсо, туздалаар, тузу көп болсо, бузулаар; кем туздалса кечирээр, көп туздалса урушаар.

**ПЕРЕСОЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*слишком*) ашыра туздап коюу, өтө туздуу кылып жиберүү, тузун өткөрүп жиберүү; 2. *что* (*всё, многое*) бардыгын туздоо, туздап чыгуу, бардыгын туздап бүтүрүү; 3. *перен. разг.* өтө ашырып жиберүү, ыгы жок апыртып ийүү, артык тырышыңкырап жиберүү; **пересолúть в усéрдии** ашыра, ыгы жок кайрат көрсөтүү.

**ПЕРЕСОРТИРОВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) кайтадан сорттоо, кайтадан ылгап топтоо; 2. (*всё, многое*) бардыгын сорттоо, текши сорттоп чыгуу.

**ПЕРЕСОРТИРО'ВКА** *ж.* кайтадан сорттоо, кайтадан ылгап топтоо, жаңыдан сорттоо.

**ПЕРЕСОРТИРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **пересортировáть.**

**ПЕРЕСО'ХНУТЬ** *сов.* 1. (*стать сухим*) кагыроо, өтө кургап кетүү; **пóчва пересóхла от бездóждья** жер жамгыр жаабагандыктан өтө кургап кетти; **у негó гýбы пересóхли** анын эрди кургап кетти; 2. (*об источнике*) какшуу, кагыроо, соолуп калуу; **пруд пересóх** көлмө какшып калды.

**ПЕРЕСПА'ТЬ** *сов. разг.* 1. (*слишком*) өтө көп уктап коюу (калуу), ашыра уктап коюу (калуу); 2. (*переночевать*) түнөө, түнөп чыгуу, түнөп калуу, конуп калуу, түнөп өтүү, конуп өтүү.

**ПЕРЕСПЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* өтө бышкан, абдан бышкан, ээиле бышкан (*мис. алма*).

**ПЕРЕСПЕ'ТЬ** *сов. разг.* өтө бышуу, абдан бышып кетүү, жетилип өтүү, ээиле бышуу (*о плодах*); куурап кетүү (*о семенах, злаках*).

**ПЕРЕСПО'РИТЬ** *сов. кого, разг.* айтышып жеңүү; **егó не переспóришь** айтышып аны жеңе албайсың.

**ПЕРЕСПРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **переспросúть.**

**ПЕРЕСПРОСИ'ТЬ** *сов. кого* 1. (*спросить ещё раз*) кайталап суроо, кайтадан суроо, кайрып суроо, укпай кайта суроо; 2. (*всех, многих*) бардыгын суроо, сурап чыгуу.

**ПЕРЕССО'РИТЬ** *сов. кого, разг.* кериштирүү, уруштуруу, бири-бири менен кагыштыруу, араларын бузуу.

**ПЕРЕССО'РИТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* урушуу, керишүү; урушуп чыгуу; **он перессóрился со всéми друзьями** ал бардык достору менен урушуп чыкты.

**ПЕРЕСТАВА'ТЬ** *несов. см.* **перестáть.**

**ПЕРЕСТА'ВИТЬ** *сов. кого-что* орун алмаштыруу, орун алмаштырып коюу, орун которуп коюу, башка жерге коюу, жылдырып коюу; **перестáвить часы на пять минýт вперёд** саатты беш минута алдыга жылдырып коюу.

**ПЕРЕСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **перестáвить;** ◇ **éле нóги переставлять** *разг.* арац жылып басуу, бутту зорго сүйрөп басуу, зорго бутун шилтөө.

**ПЕРЕСТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **перестоять.**

**ПЕРЕСТА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **перестояться.**

**ПЕРЕСТАНО'ВКА** *ж.* орун алмаштыруу, орун алмаштырып коюу, орун которуштуруп коюу, башка жерге коюу; **перестанóвка слов в предложéнии** сүйлөмдө сөздөрдүн ордун алмаштыруу; **перестанóвка мéбели** мебелди которуштуруп коюу.

**ПЕРЕСТАРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* ашыра тырышуу, ашыра куру кайрат көрсөтүү, артыкча тырышуу.

**ПЕРЕСТА'РОК** *м. разг.* жашы өтүп кеткен, жашы өтүп кеткендиктен белгилүү бир ишке жарабай калган.

**ПЕРЕСТА'ТЬ** *сов.* токтоо, токтолуу, басылуу, токтоп калуу, коюу; **дождь перестáл** жамгыр басылды; **он перестáл курить** ал тамеки тартканын койду.

**ПЕРЕСТЁГИВАТЬ** *несов. см.* **перестегнýть.**

**ПЕРЕСТЕГНУ'ТЬ** *сов. что* кайтадан, жаңыдан ондоп топчулоо.

**ПЕРЕСТЕЛИ'ТЬ** *сов. прост. см.* **перестлáть.**

**ПЕРЕСТИЛА'ТЬ** *несов. см.* **перестлáть.**

**ПЕРЕСТИ'ЛКА** *ж.* кайтадан төшөп, салып чыгуу; **перестúлка полóв** полдордун тактайын кайтадан төшөп чыгуу.

**ПЕРЕСТИРА'ТЬ** *сов. что* 1. (*заново*) кайтадан жуу (*кирди*); 2. (*всё, много*) бардыгын жууп чыгуу (*кирди*).

**ПЕРЕСТИ'РЫВАТЬ** *несов. см.* **перестирáть.**

**ПЕРЕСТЛА'ТЬ** *сов. что* 1. (*постлать вторично*) кайтадан төшөө, кайтадан салуу; **перестлáть постéль** төшөктү кайтадан салуу; 2. (*выстлать заново*) кайтадан төшөө, кайтадан салуу; **перестлáть пол** полдун тактайын кайтадан төшөө.

**ПЕРЕСТОЯ'ТЬ** *сов. что, разг.* туруп өткөрүү; **сýдно перестоя́ло бýрю в портý** кеме бороонду портто туруп өткөрдү.

**ПЕРЕСТОЯ'ТЬСЯ** *сов. разг.* көпкө, узакка туруп калуу.

**ПЕРЕСТРАДА'ТЬ** *сов.* көп азап тартуу, көп мээнет көрүү, көп жапаа чегүү, кордуктуу көп көрүү.

**ПЕРЕСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **перестрóить** I, II.

**ПЕРЕСТРА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перестрóиться** I, II; 2. *страд. к* **перестрáивать.**

**ПЕРЕСТРАХОВА'ТЬ** *сов. кого-что* кайтадан, кайрадан камсыздандыруу; **перестраховáть имýщество** мүлктү кайрадан камсыздандыруу.

**ПЕРЕСТРАХОВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*заново*) жаңыдан камсыздандырылуу, кайтадан камсыздандырылуу; 2. *перен. неодобр.* жоопкерчиликти башкага оодарып, өз башын ала качуу.

**ПЕРЕСТРАХО'ВКА** *ж.* 1. жаңыдан камсыздандырылуу, кайтадан камсыздандыруу; **перестрахóвка имýщества** мүлктөрдү кайтадан камсыздандыруу; 2. *перен. неодобр.* перестраховка; жоопкерчиликти биреөгө жүктөп, өз башын ала качуу.

**ПЕРЕСТРАХО'ВЩИК** *м. неодобр.* перестраховщик; жоопкерчиликте башка биреөгө жүктөп, өз башын ала качууучу.

**ПЕРЕСТРАХО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перестраховáть.**

**ПЕРЕСТРАХО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **перестраховáться;** 2. *страд. к* **перестрахóвывать.**

**ПЕРЕСТРЕ'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* атышуу, аткылашуу.

**ПЕРЕСТРЕ'ЛКА** *ж.* атышуу, аткылашуу.

**ПЕРЕСТРЕЛЯ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*всех, многих*) бардыгын *же* көбүн атып таштоо; 2. *что* (*израсходовать стрельбой*) ата берип түгөтүү, атып түгөтүү (*окту*).

www.bizdin.kg

**ПЕРЕСТРО'ИТЬ** I *сов.* **1.** *что* (*напр. дом*) кайтадан жаңыча куруу, башкача куруп чыгуу, кайта салуу, кайта жасоо, башкача жасоо; **2.** *что, перен.* кайта куруу, өзгөртүп салуу, башкача кылып түзүү, башкача кылып куруу; **перестро́ить рабо́ту** ишти башкача кылып куруу; **перестро́ить фра́зу** сүйлөмдү башкача кылып түзүү; **3.** *кого-что, воен.* (*расположить по-иному*) башкача тизүү; **перестро́ить коло́нну** колоннаны башкача тизүү.

**ПЕРЕСТРО'ИТЬ** II *сов. что* **1.** *муз.* башкача күүлөө; **перестро́ить гита́ру** гитараны башкача күүлөө; **2.** кайта алып келүү, кайта коюу, кайта түшүрүү; **перестро́ить приёмник на коро́ткие во́лны** приёмникти кыска толкунга алып келип коюу.

**ПЕРЕСТРО'ИТЬСЯ** I *сов.* **1.** *перен.* (*реорганизоваться*) башкача курулуу, башкача түзүлүү; **2.** *воен.* башкача тизилүү; **ро́та бы́стро перестро́илась** рота тез башкача тизилди.

**ПЕРЕСТРО'ИТЬСЯ** II *сов.* кайта алынып келинүү, коюлуу, түшүрүлүү, алмашылуу; **перестро́иться на другу́ю волну́** башка толкунга алынып келинүү.

**ПЕРЕСТРО'ЙКА** *ж.* **1.** (*напр. здания*) кайта курулуу, кайтадан жаңыча куруу; **2.** *перен.* жаңыча түзүү, жаңыча куруу; **перестро́йка рабо́ты на но́вый лад** ишти жаңыча кайта куруу.

**ПЕРЕСТУ'КИВАНИЕ** *ср.* тыкылдатып сүйлөшүү (*түрмөдө башка камерадагы кишилер менен, дубалды тыкылдатып, шарттуу белгилер аркылуу сүйлөшүү*).

**ПЕРЕСТУ'КИВАТЬСЯ** *несов. с кем* тыкылдатып сүйлөшүү (*см.* **пересту́кивание**).

**ПЕРЕСТУПА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **переступи́ть; 2.** (*двигаться ступая*) кадамдап басуу; **он е́ле переступа́л нога́ми** ал араң эле басып турду; **3.** (*стоя на месте*) бут солбуп туруу; **ло́шадь нетерпели́во переступа́ла нога́ми** ат чыдамсыздашып, буттарын солбуп турду.

**ПЕРЕСТУПИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что, через что* (*перешагнуть*) аттап өтүү; **переступи́ть поро́г** босогодон аттап өтүү; **2.** *что, перен.* чектен чыгып кетүү; **переступи́ть грани́цы прили́чия** сыпайыкерчиликтин чегинен чыгып кетүү; **переступи́ть зако́н** закондун чегинен чыгып кетүү, законсуз иш кылуу.

**ПЕРЕСУ'ДЫ** *мн. разг.* ушак, айың, өсөк.

**ПЕРЕСУ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **пересуши́ться; 2.** *страд. к* **пересу́шивать.**

**ПЕРЕСУШИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*слишком*) кургатып жиберүү, өтө кургатуу, аябай кургатуу, ашыра кургатуу, кагыратуу; **2.** (*всё, многое*) бардыгын кургатуу, кургатып чыгуу.

**ПЕРЕСУШИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*слишком*) өтө кургоо, аябай кургоо, ашыра кургатылуу, кагыратылуу; **2.** (*высохнуть — о многом*) бардыгы кургоо.

**ПЕРЕСЧИТА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*сосчитать всех*) түгөлдөө, саноо, санап чыгуу; **пересчита́ть всех прису́тствующих** катышып отургандардын баарын санап чыгуу; **2.** (*повторно*) кайта саноо, кайта түгөлдөө; **пересчита́ть де́ньги** акчаны кайта саноо; ◇ **пересчита́ть ко́сти (рёбра)** *кому-л. разг. бирөөнү* жанчып салуу, аябай тепкилеп салуу.

**ПЕРЕСЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **пересчита́ть.**

**ПЕРЕСЪЁМКА** *ж.* **1.** *фото, кино* сүрөткө кайта тартуу, сүрөткө кайта түшүрүү; **пересъёмка кинофи́льма** кинофильмди кайта тартуу; **2.** *геод.* кайта түшүрүү, кайта тартуу; **пересъёмка пла́на земе́льного уча́стка** жер участогунун планын кайта түшүрүү.

**ПЕРЕСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **пересла́ть.**

**ПЕРЕСЫ'ЛКА** *ж.* жиберүү, жөнөтүү, берип жиберүү; **уплати́ть де́ньги за пересы́лку книг** китептерди жибергендиги үчүн акча төлөө.

**ПЕРЕСЫ'ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое **пересылка**-*га т.*; **пересы́лочные опера́ции** бир жерден экинчи жерге жиберүү операциялары.

**ПЕРЕСЫ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** бир нерсени жиберүүгө арналган; **2.** камалгандар токтолуп өтүүчү; **пересы́льный пункт** камалгандар токтолуп өтүүчү пункт.

**ПЕРЕСЫПА'НИЕ** *ср.* **1.** (*из одного места в другое*) которуп салуу, салуу (*бир нерседен экинчи нерсеге*); **2.** *чем* (*напр. нафталином*) себүү, сээп таштоо.

**ПЕРЕСЫ'ПАТЬ** *сов. что* **1.** (*в другое место*) которуп салуу (*бир нерседен экинчи нерсеге*); **пересы́пать пшени́цу в друго́й мешо́к** буудайды бир каптан башка капка салуу; **2.** (*обсыпать чем-л.*) себүү; **пересы́пать шу́бу нафтали́ном** тонго нафталин себүү.

**ПЕРЕСЫПА'ТЬ** I *несов. см.* **пересы́пать; пересыпа́ть речь шу́тками** *перен. разг.* сөзгө тамаша кыстыра сүйлөө.

**ПЕРЕСЫПА'ТЬ** II *несов. см.* **переспа́ть** 1.

**ПЕРЕСЫХА'НИЕ** *ср.* соолуу, соолуп калуу, кургап калуу; **пересыха́ние реки́** дарыянын соолуп калышы.

**ПЕРЕСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **пересо́хнуть.**

**ПЕРЕТА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **перетопи́ть** 1.

**ПЕРЕТАСКА'ТЬ** *сов. что, разг.* **1.** ташып кетүү, көп ташуу, ташып бүтүү; **они́ перетаска́ли все дрова́ в сара́й** алар бардык отунду сарайга ташып киргизишти; **2.** (*украсть*) көп уурдап алуу; уурдай берип түгөтүү.

**ПЕРЕТА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **перетаска́ть** 1, **перетащи́ть.**

**ПЕРЕТАСОВА'ТЬ** *сов.* **1.** *что, карт.* картаны аралаштыруу; **2.** *кого-что, перен. разг.* алмаштыруу, ооштуруу, бирөөнүн ордуна башканы коюу.

**ПЕРЕТАСО'ВКА** *ж.* **1.** *карт.* картаны аралаштыруу; **2.** *перен. разг.* алмаштыруу, ооштуруу, бирөөнүн ордуна башканы коюу.

**ПЕРЕТАСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перетасова́ть.**

**ПЕРЕТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* **1.** алып баруу, көтөрүп алып баруу (келүү), сүйрөп алып баруу (келүү); **перетащи́ть шкаф в другу́ю ко́мнату** шкафты башка бөлмөгө алып баруу; **2.** *перен. разг.* кызыктырып алып келүү.

**ПЕРЕТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **перете́чь.**

**ПЕРЕТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*разорвать трением*) сүрүп кыркуу; **2.** *во что* (*растереть*) эзип майдалап чыгуу, майдалоо, сүрүп ышкып күкүмдөө, үбөлөө; **перетере́ть зёрна в муку́** данды ун кылып майдалоо; **3.** (*вытереть*) сүртүү, аарчуу, сүртүп тазалоо.

**ПЕРЕТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* сүрүлүп жешилүү, кажалуу, сүрүлүп кетүү, кыркылуу, кыйылып кетүү; **верёвка перетёрлась** жип сүрүлүп жешилди.

**ПЕРЕТЕРПЕ'ТЬ** *сов. что, разг.* далайды башынан чыдап өткөрүү; чыдоо, чыдамдык кылуу.

**ПЕРЕТЕ'ЧЬ** *сов. разг.* эрдөөсүнөн аша куюлуу, төгүлүү.

**ПЕРЕТИРА'ТЬ** *несов. см.* **перетере́ть.**

**ПЕРЕТИРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **перетере́ться; 2.** *страд. к* **перетира́ть.**

**ПЕРЕТО'ЛКИ** *только мн. разг.* ушак, айың, ар кандай сөз, токсон тогуз түрлүү сөз.

**ПЕРЕТОЛКОВА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* (*истолковать*) өзүнчө түшүнүү, өзүнчө талкуулоо; **он мой слова́ перетолкова́л по-сво́ему** ал менин сөзүмдү өзүнчө (башкача) түшүндү; **2.** *с кем о чём* сүйлөшүү, аңгемелешүү; **нам с тобо́й ну́жно о мно́гом перетолкова́ть** сен экөөбүз көп нерсе жөнүндө сүйлөшүүбүз керек.

**ПЕРЕТОЛКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **перетолкова́ть** 1.

**ПЕРЕТОЛО'ЧЬ** *сов. что* **1.** (*заново*) кайтадан, жаңыдан жанчуу, кайтадан талкалоо, кайтадан күкүмдөө; **2.** (*всё, много*) бардыгын жанчуу, бардыгын талкалоо, бардыгын майдалоо.

**ПЕРЕТОПИ'ТЬ** I *сов. что* **1.** (*обработать топлением*) эритүү, сызгыруу; **перетопи́ть са́ло** май эритүү; **2.** *разг.* (*истопить*) бардыгын жагуу, жагып бүтүрүү.

**ПЕРЕТОПИ'ТЬ** II *сов. кого-что, разг.* (*утопить*) бардыгын же бир нечесин суута чөктүрүп өлтүрүү.

www.bizdin.kg

**ПЕРЕТОПИ'ТЬСЯ** *сов.* эрүү, эритилүү, сызгырылуу; **ма́сло хорошо́ перетопи́лось** май жакшы эритилди.

**ПЕРЕТОПТА'ТЬ** *сов. что, разг.* тебээлеп салуу, таптап таптоо, таптап бүтүрүү.

**ПЕРЕТРАВИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого, охот.* (*убить многих*) тайган агытып, көп аң кармоо; 2. *кого-что* (*извести отравой*) бардыгын ууктуруп өлтүрүү; **перетрави́ть крыс** келемиштердин бардыгын ууктуруп өлтүрүү; 3. *что* (*испортить травлением*) кислота менен ойдуруп бузуу; **перетрави́ть рису́нок** сүрөттү кислота менен ойдуруп бузуп коюу.

**ПЕРЕТРА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **перетрави́ть.**

**ПЕРЕТРЕВО'ЖИТЬ** *сов. кого-что, разг.* тынчын алуу, тынчын кетирүү, үркүтүү, дүүлүктүрүү; **перетрево́жить пчёл в у́лье** бал челектеги аарылардын тынчын кетирүү.

**ПЕРЕТРЕВО'ЖИТЬСЯ** *сов. разг.* тынчы кетүү, тынчсыздануу, санаа бөлүнүү, үркүү, дүүлүгүү.

**ПЕРЕТРЕ'СКАТЬСЯ** *сов. разг.* жарылып кетүү, жарака кетүү.

**ПЕРЕТРУ'СИТЬ** *сов. разг.* өтө коркуу, аябай коркуу.

**ПЕРЕТРУСИ'ТЬ** *сов. что, обл.* силкип оодарыштыруу; **перетруси́ть се́но** чөптү силкип оодарыштыруу.

**ПЕРЕТРЯСТИ'** *сов. что* силкүү, кагуу, күбүү, кагыпсилкүү; **перетрясти́ всю оде́жду** бүт кийимдерди кагуу.

**ПЕРЕТРЯ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **перетряхну́ть.**

**ПЕРЕТРЯХНУ'ТЬ** *сов. что* силкүү, кагып-силкүү.

**ПЕРЕ́ТЬ** *несов. прост.* 1. (*идти, двигаться*) эч нерсеге карабастан, жирел кирүү, жарып кирүү, жиреп басып (кечип) жүрүү; 2. (*давить тяжестью*) оор же зоң нерсени көтөрүп басуу (тартуу).

**ПЕРЕТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **перетяну́ть.**

**ПЕРЕТЯ'ЖКА** *ж.* кайтадан тартуу, кайтадан керүү.

**ПЕРЕТЯНУ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*на другое место*) башка жерге тартуу, тартып алып баруу, сүйрөп чыгаруу; **перетяну́ть ло́дку к бе́регу** кайыкты жээкке тартып баруу; 2. *кого, перен.* (*переманить*) тартып кетүү, өз жагына тартып алуу, өзүнө тартып алуу; **перетяну́ть** *кого-л.* **на свою́ сто́рону** *бирөөнү* өз жагына тартып кетүү; 3. *что* (*заново натянуть*) кайта, жаңыдан керүү, чоюу; 4. *что* (*туго затянуть*) кыса тартып байлоо, абдан тартып байлоо; **перетяну́ть та́лию** белди абдан тартып курчануу; 5. *кого-что* (*оказаться тяжелее*) басып кетүү, оодарып түшүү, оор келип басып кетүү; **одна́ ча́шка весо́в перетяну́ла другу́ю** таразанын бир табагы экинчисин басып кетти; 6. (*оказаться сильнее*) тартып кетүү (*мис. аркан тартышканда*).

**ПЕРЕТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* аябай кыса курчануу, абдан тартып курчануу; **перетяну́ться по́ясом** курду абдан тартып курчануу.

**ПЕРЕУБЕДИ'ТЬ** *сов. кого* ишениминен тандыруу; мурунку көз карашынан кайтарып, башка көз карашка келтирүү; **его́ не переубеди́шь, он упря́мый** аны тандыра албайсың, ал эң эле өжөр.

**ПЕРЕУБЕЖДА'ТЬ** *несов. см.* **переубеди́ть.**

**ПЕРЕУ'ЛОК** *м.* кичинекей тар көчө; кыска көчө.

**ПЕРЕУСЕ'РДСТВОВАТЬ** *сов. разг.* ыгы жок кайрат көрсөтүү, ыгы жок аракет кылуу.

**ПЕРЕУСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **переустро́ить.**

**ПЕРЕУСТРО'ИТЬ** *сов. что* кайтадан куруу.

**ПЕРЕУСТРО'ЙСТВО** *ср.* кайтадан куруу; **переустро́йство наро́дного хозя́йства на социалисти́ческих нача́лах** эл чарбасын социалисттик негизде кайтадан куруу; **социалисти́ческое переустро́йство о́бщества** коомдун социалисттик кайрадан курулушу.

**ПЕРЕУСТУПА'ТЬ** *несов. см.* **переуступи́ть.**

**ПЕРЕУСТУПИ'ТЬ** *сов. кого-что* сатып алган нерсени ошол эле баа менен башка бирөөгө берүү.

**ПЕРЕУТОМИ'ТЬ** *сов. кого-что* өтө чарчатуу, аябай чарчатуу.

**ПЕРЕУТОМИ'ТЬСЯ** *сов.* өтө чарчоо, аябай чарчоо.

**ПЕРЕУТОМЛЕ'НИЕ** *ср.* өтө чарчоо, аябай чарчоо.

**ПЕРЕУТОМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **переутоми́ть.**

**ПЕРЕУТОМЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **переутоми́ться.**

**ПЕРЕУЧЕ'СТЬ** *сов. что* кайта эсептөө, кайта саноо; **переуче́сть оста́вшийся това́р** калган товарлардын эсебин алуу.

**ПЕРЕУЧЁТ** *м.* эсебин алуу, кайта эсеп; **переучёт това́ров в магази́не** магазиндеги товарларды кайта эсептөө.

**ПЕРЕУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **переучи́ть.**

**ПЕРЕУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переучи́ться;** 2. *страд. к* **переу́чивать.**

**ПЕРЕУЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **переуче́сть.**

**ПЕРЕУЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*заново обучить*) кайта үйрөтүү, кайта окутуу; 2. *что* (*выучить снова*) кайта жаттоо, кайта окуу; 3. *кого, разг.* (*обучить многих*) бардыгын же көбүн окутуу (үйрөтүү).

**ПЕРЕУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* кайта үйрөнүү, кайта окуу.

**ПЕРЕФОРМИРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* кайта куруу, кайта түзүп чыгуу, жаңыдан куруу, кайта формировать кылуу; **переформирова́ть диви́зию** дивизияны кайта түзүп чыгуу.

**ПЕРЕФОРМИРОВА'ТЬСЯ** *сов.* кайта курулуу, кайта түзүлүү, кайтадан башкача формировать кылынуу; **полк переформирова́лся** полк кайтадан түзүлдү.

**ПЕРЕФОРМИРО'ВКА** *ж.* кайта курулуу, жаңыдан түзүлүү, кайта формировать кылуу.

**ПЕРЕФОРМИРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **переформирова́ть.**

**ПЕРЕФОРМИРО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **переформирова́ться;** 2. *страд. к* **переформиро́вывать.**

**ПЕРЕФРАЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* башкача айтуу, башкача өзгөртүп сүйлөө, өзгөртүп кайта айтуу, өз сөзү менен айтып берүү.

**ПЕРЕФРАЗИРО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) башкача айтуу, башкача өзгөртүп сүйлөө, өзгөртүп кайта айтуу; 2. (*перефразированные слова*) башкача сүйлөнгөн сөз.

**ПЕРЕХВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **перехвали́ть.**

**ПЕРЕХВАЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* өтө мактап жиберүү, аябай мактоо, абдан мактоо, ашыра мактоо.

**ПЕРЕХВА'Т** *м. разг.* басып алуу, колго алуу, кармап калуу.

**ПЕРЕХВАТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*задержать*) токтотуу, токтотуп калуу, кармап калуу; 2. *что* (*захватить*) кесип өтүп колго түшүрүү, алдын тороп кармоо; **перехвати́ть коммуника́ции проти́вника** *воен.* душмандын коммуникацияларын кесип өтүп бөгөп калуу; 3. *что* (*обхватить в другом месте*) кармоо; **я держу́ бревно́, а ты перехвати́ его́ ни́же** мен устунду кармап турамын, сен анын төмөн жагынан карма; 4. *что* (*перевязать поперёк*) туурасына таңуу, туурасынан оролто таңуу; 5. *что, перен. разг.* (*наскоро съесть*) ала жүрүп жеш, шашып-пушуп тамак жей салуу; 6. *что, перен. разг.* (*взять в долг*) бир аз карыз акча алуу, карыз ала коюу; 7. *в чём, перен. разг.* (*проявить неумеренность*) учуртуп ийүү, ашыра апыртып жиберүү.

**ПЕРЕХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **перехвати́ть.**

**ПЕРЕХВОРА'ТЬ** *несов. разг.* 1. (*о всех, многих*) бир сыйра ооруп чыгуу, ооруп айыгуу; **все де́ти перехвора́ли гри́ппом** балдардын баары грипп (сасык тумоо) менен ооруп айыгышты; 2. (*многими болезнями*) көп ооруу менен ооруу, бир канча ооруу менен ооруу; **в де́тстве он мно́гим перехвора́л** бала кезинде ал көп ооруу менен ооруган.

**ПЕРЕХИТРИ'ТЬ** *сов. кого* амал-куулук жагынан ашып түшүү, алдап кетүү.

**ПЕРЕХО'Д** *м.* 1. (*действие*) өтүү, ашып өтүү; **перехо́д вла́сти в ру́ки трудя́щихся** бийликтин эмгекчилердин колуна өтүшү; **перехо́д от социали́зма к коммуни́зму** социализмден коммунизмге өтүү; 2. (*место для переправы*)

www.bizdin.kg

**вый период** *ист.* муз доору; 2. *мат.* айланма сан (*ондук бөлчөктө*); 3. *лит.* период (*пикирди толук айтуу үчүн түзүлгөн татаал, кошмо сүйлөмдөрдүн бир түрү*).

**ПЕРИОДИЗА'ЦИЯ** *ж.* мезгилдештирүү, доорлорго бөлүштүрүү; **периодиза́ция исто́рии Кирги́зии** Кыргызстандын тарыхын доорлорго бөлүштүрүү.

**ПЕРИО'ДИКА** *ж. собир.* периодика (*мезгил-мезгили менен басылып чыгуучу журнал, жыйнак ж. б.*).

**ПЕРИОДИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. мезгилдүү, мезгил-мезгилде болуучу; **периоди́ческие при́ступы боле́зни** оорунун мезгил-мезгили менен кармашы; 2. (*о печатных произведениях*) мезгил-мезгили менен чыгуучу; **периоди́ческая печа́ть** мезгил-мезгили менен чыгуучу басма сөз (*газета, журнал*); 3. *мат.* айланма (*бөлчөк*); ◇ **периоди́ческая систе́ма элеме́нтов** *хим.* элементтердин периодический системасы (*орустун атактуу химиги Менделеев тарабынан түзүлгөн, химиялык элементтердин бөлүнүштөрү*).

**ПЕРИОДИ'ЧНОСТЬ** *ж.* мезгилдүүлүк, мезгил-мезгили менен болуучулук.

**ПЕРИОДИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **периоди́ческий** 1.

**ПЕРИПЕТИ'Я** *ж.* кыйындык туудуруучу чукулунан болгон өзгөрүш, кокустук.

**ПЕРИСКО'П** *м.* перископ (*далда, жабык жерден (окоптон, танкадан ж. б.) байкоо жүргүзүү үчүн колдонулуучу оптикалык прибор*).

**ПЕРИСТА'ЛЬТИКА** *ж. физиол.* перистальтика (*өңгөч, карын, ичегинин ийри-муйру болуп кыскарышы*).

**ПЕРИСТОКРЫ'ЛЫЕ** *мн.* (*ед.* **перистокры́лое** *ср.*) *зоол.* жалбырак канаттуулар (*канаттуу, коңуздардын түркүмү*).

**ПЕРИСТОЛИ'СТНЫЙ,** -ая, -ое *бот.* канат жалбырактуу.

**ПЕ'РИСТЫЙ,** -ая, -ое 1. *зоол.* куш жүнү сыяктуу; 2. (*похожий на перья*) куш жүнү сымал, тарам-тарам болгон; **не́бо покры́ли пе́ристые облака́** асманды тарам-тарам болгон булут басты; 3. *см.* **перистоли́стный.**

**ПЕРИТОНИ'Т** *м. мед.* перитонит (*карын, ич этинин сезгенип оорушу*).

**ПЕРИФЕРИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **периферия** 1, 3-*кө т.*; перифериялык; **периферийный рабо́тник** перифериялык кызматчы.

**ПЕРИФЕРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **периферия** 1, 2-*ге т.*; перифериялык; **периферическая не́рвная систе́ма** перифериялык нерв системасы.

**ПЕРИФЕРИ'Я** *ж.* 1. (*внешняя часть чего-л.*) периферия (*борбордун чет жактары*); **не́рвная перифери́я** нерв периферйясы; 2. *мат.* периферия (*жалпактыктын бир бөлүгүн өз ичине алуучу туюк ийри сызык*); 3. периферия (*мамлекеттин борбордон алыс турган бир бөлүгү*); **рабо́тать на перифери́и** периферияда иштөө.

**ПЕРИФРА'ЗА** *ж. см.* **парафра́за.**

**ПЕРИФРАЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* маанисин башка сөз менен айтуу; **перифрази́ровать посло́вицу** макалдын маанисин башка сөз менен айтуу.

**ПЕРКА'ЛЬ** *ж. и м.* (*ткань*) перкаль (*батист сыяктуу жука кездеме*).

**ПЕРЛ** *м.* 1. *уст.* (*жемчуг*) инжи, бермет; 2. *перен.* сонун, эң жакшы, тандамал; **пе́рлы остроу́мия** сонун чечендик (*чукугандай сөз тибуучулук, чукугандай табылган сөз*).

**ПЕРЛАМУ'ТР** *м.* седеп.

**ПЕРЛАМУ'ТРОВЫЙ,** -ая, -ое 1. **перламутр**-*га т.*; **перламу́тровая пу́говица** седеп топчу; 2. (*о цвете*) седептин өңүндөй, седептей, седеп сыяктуу.

**ПЕРЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое: **перло́вая крупа́** арпа акшагы; **перло́вая ка́ша** арпа боткосу.

**ПЕРЛЮСТРА'ЦИЯ** *ж.* перлюстрация (*почта аркылуу жиберилген катты ж. б. цензура максаты менен текшерүү*).

**ПЕРЛЮСТРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* перлюстрация кылуу.

**ПЕРМАНЕ'НТНОСТЬ** *ж.* перманенттүүлүк (*үзгүлтүксүздүк, дайыма созула берүүчүлүк, токтоосуздук*).

**ПЕРМАНЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое перманенттик (*үзгүлтүксүз, токтоосуз*); **пермане́нтное разви́тие** перманенттик өнүгүү.

**ПЕ'РНАТЫЙ,** -ая, -ое 1. канаттуу; **перна́тое ца́рство** канаттуулардүйнөсү; 2. *в знач. сущ.* **перна́тые** *мн.* канаттуулар (*буга чымын-чиркей кирбейт*).

**ПЕРО'** *ср.* 1. канаттын бир талы, куштун бир тал жүнү; 2. (*для письма*) калем уч, калем; **ве́чное перо́** ар дайым жазуучу калем (*авторучка*); ◇ **у него́ о́строе перо́** анын калеми курч; **владе́ть перо́м** жаза билүү (*жазуучу жөнүндө*); **ни пу́ха ни пера́** жолуң болсун!, олжолуу бол!; **одни́м ро́счерком пера́** калемди бир шилтөө менен (*маселени, ишти чече салуу*); **взя́ться за пе́ро** 1) (*начать писать*) жаза баштоо; 2) (*стать писателем*) жазуучу болуп калуу.

**ПЕРОЧИ'ННЫЙ,** -ая, -ое: **перочи́нный нож (но́жик)** маки, баки, чарабзал.

**ПЕРПЕНДИКУЛЯ'Р** *м. мат.* перпендикуляр (*тик бурч жасоочу тик сызык*); **опусти́ть перпендикуля́р** перпендикулярды түшүрүү (*сызуу*); **восста́вить перпендикуля́р** перпендикуляр тургузуу.

**ПЕРПЕНДИКУЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое **перпендикуляр**-*га т.*; перпендикулярдуу; **перпендикуля́рная ли́ния** перпендикуляр сызыгы.

**ПЕРПЕ'ТУУМ-МО'БИЛЕ** *ср. нескл.* перпетуум-мобиле (*ар дайым кыймылдатып туруучу кыймылдаткыч; бул — иш жүзүнө ашпай турган кыял*).

**ПЕРРО'Н** *м. ж.-д.* перрон (*вокзалдын жанындагы пассажирлер туруучу жай*).

**ПЕРРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **перрон**-*го т.*; **перро́нный биле́т** перрон билети.

**ПЕРС** *м.* перс, персиян.

**ПЕ'РСИ** *только мн. поэт. уст.* көкүрөк; аялдын эмчеги.

**ПЕРСИ'ДСКИЙ,** -ая, -ое **перс**-*ке т.*; **перси́дский язы́к** персиян тили; парсы.

**ПЕ'РСИК** *м.* шабдалы, шапталы (*жыгачы жана жемиши*).

**ПЕ'РСИКОВЫЙ,** -ая, -ое **персик**-*ке т.*; **пе́рсиковое варе́нье** шабдалы вареньеси.

**ПЕРСИЯ'НКА** *женск. р.* к **перс.**

**ПЕРСО'НА** *ж.* 1. *ирон.* персона, адам, киши; **ва́жная персо́на** чоң неме; 2. *офиц.* персона, киши; **обе́д на 10 персо́н** 10 кишилик тамак (*обед*); ◇ **со́бственной персо́ной** так өзү.

**ПЕРСОНА'Ж** *м. лит.* персонаж (*адабий чыгармада же театрда катышуучу киши*); **персона́ж пье́сы** пьесанын персонажы.

**ПЕРСОНА'Л** *м. собир.* персонал (*мекеменин же өнөр жайдын бир кесип түркүмүнө жатуучу кишилери*); **медици́нский персона́л** медициналык персонал; **обслу́живающий персона́л** тейлөөчү персонал.

**ПЕРСОНА'ЛЬНО** *нареч.* жеке, жекече; **извести́ть о собра́нии всех персона́льно** жыйналыш жөнүндө бардыгына жекече билдирүү.

**ПЕРСОНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жеке, персоналдык (*бирөөнүн керт башына арналган*); **персона́льная отве́тственность** жеке жоопкерчилик; **персона́льная пе́нсия** персоналдык пенсия.

**ПЕРСОНИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* сөлөкөттөндүрүү, кишиге окшотуп көрсөтүү.

**ПЕРСПЕКТИ'ВА** *ж.* 1. (*даль, пространство*) ыраактык, мейкиндик; 2. *жив.* перспектива (*ыраактыктан көрүнгөн нерсенин турушунча сүрөтү*); 3. (*вид, панорама*) көрүнүш; **из окна́ открыва́лась прекра́сная перспекти́ва** терезеден эң сонун көрүнүш көрүнүп турду; 4. **перспекти́вы** *мн.* пе-

www.bizdin.kg

**ПЕТЛИ'ТЬ** *несов. ав.* абада боолук сыяктуу фигура жасап учуу, абада аласалып учуу (*самолёт менен*).

**ПЕТЛИ'ЦА** *ж.* 1. (*петля на верхней одежде*) топчулук; **носить цветок в петлице** топчулукка гүл сайып жүрүү; 2. (*нашивка*) петлица (*формалуу кийимдин жакасына бастырылуучу тилке материя*).

**ПЕТЛИ'ЧКА** *ж. уменьш. от* **петлица** 2.

**ПЕТЛЮ'РОВЩИНА** *ж. ист.* петлюровщина.

**ПЕ'ТЛЯ** *ж.* 1. илмек; **завязать петлю** илмек байлоо; 2. *перен.* (*виселица*) сыйыртмак (*даргадагы сыйыртмак*); 3. (*на одежде*) топчулук; **метать петли на пальто** пальтого топчулук тордоо; 4. *ав.* петля (*имерилме, тегеренме жол*); **мёртвая петля** *см.* **мёртвый**; 5. *стр.* петля (*эшик илинип, ачылып, жабылып туруучу темир*); 6. *чаще мн., охот.* аң чыйыры, аң изи, аңдын ийри-муйру изи; ◇ **хоть в петлю лезь** *разг.* эч айла болбой турган абал; бычакка тие албай туруу.

**ПЕТРИФИКА'ЦИЯ** *ж. геол., мин.* петрификация (*акиташ туздары сиңүүнүн натыйжасында катып, ташка айланган зат*).

**ПЕТРО'ГРАФ** *м.* петрограф (*петрография боюнча специалист*).

**ПЕТРОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **петрография**-*га т.*; петрографиялык.

**ПЕТРОГРА'ФИЯ** *ж. геол.* петрография (*геологиянын тоо тектерди, таштарды үйрөнүүчү бөлүмү*).

**ПЕТРУ'ШКА** I *ж.* (*растение*) петрушка (*тамак-ашка татым катарында салынуучу чөптүн бир түрү*).

**ПЕТРУ'ШКА** II *м. театр.* (*кукла*) петрушка (*элдик куурчак театрында башкы ролду ойноочу куурчак*).

**ПЕТУ'НЬЯ** *ж. бот.* петунья (*ири гүлдүү, бак өсүмдүктөрүнүн бир түрү*).

**ПЕТУ'Х** *м.* 1. короз; 2. *перен. разг.* (*забияка*) урушчаак, көрүнгөнгө катылган; ◇ **просидеть всю ночь до петухов** таң атыруу (*таң атканча отуруу, короз чакырганча отуруу*); **встать с петухами** эрте туруу, эң эрте туруу; **пустить петуха** *разг.* ырдап жатып, чаркыраган бийик үн менен обондун күүсүн бузуу; **пустить красного петуха** *разг.* өрт коё берүү.

**ПЕТУ'ШИЙ,** -ья, -ье **петух**-*ка т.*; **петушьи шпоры** короз текөөрлөрү.

**ПЕТУШИ'НЫЙ,** -ая, -ое **петух**-*ка т.*; **петушиный бой** короз уруштуруу.

**ПЕТУШИ'ТЬСЯ** *несов. разг.* ормоңдоо, кокоңдоо; **что ты петушишься?** сен эмне ормоңдойсуң?, сен эмне кокоңдойсуң?

**ПЕТУШО'К** *м. уменьш.-ласк. от* **петух** 1 бала короз, кичине короз.

**ПЕТЬ** *несов.* 1. *что* ырдоо, обон салуу; **петь песню** ырдоо, ыр ырдоо; **петь басом** жоон үн менен ырдоо; **он хорошо поёт** ал жакшы ырдайт; **он поёт в Большом театре** ал Чоң Театрда ырдайт; 2. (*о птицах*) сайроо; кыйкыруу (*о петухе*); **где-то пел соловей** кайдадыр булбул сайрады; ◇ **петь славу** *бирөөнү же бир нерсени* абдан мактоо.

**ПЕХО'ТА** *ж.* пехота, жөө аскер.

**ПЕХОТИ'НЕЦ** *м.* жөө аскерде кызмат кылуучу, жөө аскер.

**ПЕХО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **пехота**-*га т.*; пехоталык; **пехотные части** пехоталык бөлүктөр, жөө аскер бөлүктөрү.

**ПЕЧА'ЛИТЬ** *несов. кого-что* капа кылуу, кайгыртуу, кайгыга түшүрүү, убайым чектирүү; **его что-то печалит** аны эмнедир капа кылып турат.

**ПЕЧА'ЛИТЬСЯ** *несов.* капалануу, кайгылануу, убайым жеш, капа болуу, кайгыруу; **что ты печалишься?** сен эмне капаланасың?

**ПЕЧА'ЛЬ** *ж.* капа, кайгы, убайым; ◇ **тебе-то какая печаль?** *разг.* сага эмне кайгы?, сенин эмне ишиң бар?; **вот не было печали** *разг.* кайгы жокто кайгы болуп; **не твоя печаль** *разг.* ишиң болбосун, сага эмне жок.

**ПЕЧА'ЛЬНО** 1. *нареч.* капалуу түрдө, кайгылуу түрдө; **печально улыбаться** капалуу түрдө жылмаюу; 2. *безл. в знач. сказ.* өкүнөрлүк; **печально, но это так** өкүнөрлүк, бирок бул ушундай болду; **печально, что надо расставаться** ажырашуу керек экендиги өкүнөрлүк иш.

**ПЕЧА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*проникнутый печалью*) капалуу, кайгылуу, убайымдуу; **печальное настроение** капалуу көңүл; **печальная песня** кайгылуу ыр; 2. (*вызывающий сожаление, печаль*) өкүнөрлүк; **печальный случай** өкүнөрлүк окуя.

**ПЕЧА'ТАНИЕ** *ср.* басып чыгаруу, басмага басуу; **печатание книг** китеп басып чыгаруу.

**ПЕЧА'ТАТЬ** *несов.* 1. *что* басып чыгаруу, басмага басуу; **печатать книги** китептерди басып чыгаруу; 2. *кого-что* (*издавать*) басып чыгаруу; **этот журнал печатает молодых писателей** бул журнал жаш жазуучулардын чыгармаларын басып чыгарат; 3. *что* (*на пишущей машинке*) басуу (*жазма машинкага басуу*).

**ПЕЧА'ТАТЬСЯ** *несов.* 1. басылуу, басылып чыгуу; **эта книга печатается третьим изданием** бул китеп үчүнчү жолу басылып чыгып жатат; 2. (*издавать свои произведения*) басылуу; **он печатается уже не первый раз** анын чыгармалары биринчи гана жолу басылып отурган жок.

**ПЕЧА'ТКА** *ж.* кичине печать (*мөөр*).

**ПЕЧА'ТНИК** *м.* басма сөз кызматкери.

**ПЕЧА'ТНО** *нареч.* басма сөз жүзүндө; **печатно заявить** *о чём-л. бир нерсе жөнүндө* басма сөз жүзүндө айтуу.

**ПЕЧА'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*служащий для печатания*) басма басуучу, басуу үчүн арналган; **печатный станок** басуу үчүн арналган станок; 2. (*напечатанный*) басмага басылган, басылып чыккан; **печатный курс лекций** лекциянын басмага басылган курсу; 3. (*как напечатанный*) басмадай болгон; **писать печатными буквами** басма тамгалар менен жазуу; ◇ **печатный лист** *полигр.* басма табак.

**ПЕЧА'ТЬ** I *ж.* 1. печать (*мөөр*); **удостоверить подпись печатью** коюлган колду печать менен күбөлөндүрүү; 2. *перен.* из, таасир; **творчество Пушкина наложило печать на всю русскую поэзию** Пушкиндин чыгармачылыгы орус туш бардык поэзиясына таасир кылды; 3. (*шрифт*) басылган; **крупная печать** ири басылган; **чёткая печать книги** даана басылган китеп; ◇ **печать молчания** *уст.* айтпастык үчүн берген убада.

**ПЕЧА'ТЬ** II *ж.* 1. *полигр.* (*печатание*) басма, басып чыгаруу; **книга вышла из печати** китеп басмадан басылып чыкты; 2. (*издательское дело*) басма; **работники печати** басма кызматкерлери; 3. (*пресса*) басма сөз; **свобода печати** басма сөз эркиндиги.

**ПЕЧЕ'НИЕ** *ср.* бышыруу, кактап бышыруу, катырма кылып бышыруу (*мис. токоч, самса*).

**ПЕЧЁНКА** *ж.* боор; ◇ **это у меня в печёнках сидит** *разг.* бул мени өтө эле жадатып жиберди.

**ПЕЧЁНЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **печь** I; 2. *прил.* бышырылган, кактап бышырылган; **печёная картошка** отко бышкан картошка.

**ПЕ'ЧЕНЬ** *ж. анат.* боор; **болезни печени** боор оорулары.

**ПЕЧЕ'НЬЕ** *ср.* печенье (*таттуу, кичинекей нан*).

**ПЕ'ЧКА** *ж. см.* **печь** II; ◇ **танцевать от печки** *разг.* көнгөн жерден баштоо.

**ПЕЧНИ'К** *м.* мешчи (*меш салуучу же оңдоочу жумушчу*).

**ПЕЧНО'Й,** -ая, -ое **печка**-*га*, **печь** II-*ге т.*; **печная труба** мештин мору; **печное отопление** меш жагып жылытуу.

**ПЕЧУ'РКА** *ж. разг.* кичинекей меш (*см.* **печь** II).

**ПЕЧЬ** I *несов.* 1. *что* бышыруу, кактап бышыруу, катырма кылып бышыруу; **печь хлеб** нан бышыруу; 2. (*обдавать жаром, зноем*) кыздыруу, ысытуу, ысык тийүү; **сегодня весь день печёт солнце** бүгүн керели кечке күн ысык тийди; ◇ **как блины печь** *разг. бир нерсени* лыпылдатып жасай берүү.

www.bizdin.kg

**ПЕЧЬ** II *ж.* меш, печь; **ру́сская печь** орус меши; **до́менная печь** домна меши, домна печи.

**ПЕ'ЧЬСЯ** I *несов.* **1.** (*о хлебе и т. п.*) бышуу, какталып бышырылуу (*мис. тоноч, самса*); **2.** (*напр. на солнце*) какталуу, ысуу (*мис. аптапка*); **3.** *страд. к* **печь** I 1.

**ПЕ'ЧЬСЯ** II *несов. о ком-чём, разг.* (*заботиться*) камын жеш, кам көрүү; **она́ о́чень печётся о своём ребёнке** ал (*аял*) өзүнүн баласы жөнүндө өтө камкордук кылат.

**ПЕШЕХО'Д** *м.* жөө жүрүүчү, жөө жол жүрүүчү; **доро́га для пешехо́дов** жөө жүрүүчүлөргө арналган жол.

**ПЕШЕХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **пешеход**-*го т.*; **пешехо́дная тропи́нка** жөө кишилер жүрүүчү жалгыз аяк жол.

**ПЕШЕ'ЧКОМ** *нареч. см.* **пешо́чком.**

**ПЕ'ШИЙ,** -ая, -ее **1.** жөө; **пе́шее передвиже́ние** жөө жүрүү; **2.** *воен.* жөө; **пе́ший строй** жөө строй; **3.** *в знач. сущ. м.* жөө; **пе́ший ко́нному не това́рищ** *посл.* жөө киши аттууга жолдош эмес, аттууга жөө жете албайт.

**ПЕ'ШКА** *ж.* **1.** *шахм.* пешка (*шахмат оюнунун төмөнкү фигурасы*); **пойти́ пе́шкой** пешканы жүрүү; **2.** *перен.* так теке (*эч нерсе колунан келбей турган киши; бирөөнүн дегени менен болуучу, бирөөнүн айтканын кылуучу бош киши*).

**ПЕШКО'М** *нареч.* жөө; **идти́ пешко́м** жөө жүрүү.

**ПЕШНЯ'** *ж.* пешня (*муз оюуда колдонулуучу лом темир*).

**ПЕШО'ЧКОМ** *нареч. разг.* жөө (*тамашалап айтканда*); **придётся вам пройти́сь пешо́чком** сизге жөө басууга туура келип отурат.

**ПЕЩЕ'РА** *ж.* үңкүр.

**ПЕЩЕ'РИСТЫЙ,** -ая, -ое *анат.* көңдөйлүү, көңдөй-көңдөй болуп турган (*денеде кан толуп көбүүгө ыйкемдүү тамырлар көңдөйлөр*); **пещёристая ткань** көңдөй ткань.

**ПЕЩЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое үңкүрдө жашоочу; **пещёрный челове́к** үңкүрдө жашоочу киши (*байыркы киши*).

**ПИАНИ'НО** *ср. нескл.* пианино; **игра́ть на пиани́но** пианинодо ойноо.

**ПИАНИ'ССИМО** *нареч. муз.* пианиссимо (*өтө акырын, өтө жай*).

**ПИАНИ'СТ** *м.* пианист (*пианино жана рояльда ойноочу музыкант*).

**ПИАНИ'СТКА** *женск. р. к* **пиани́ст**; пианистка.

**ПИА'НО** *нареч. муз.* пиано (*акырын, жай*).

**ПИВНА'Я** *ж.* пивная (*пиво сатылуучу жай*).

**ПИВНО'Й,** -а́я, -о́е **пиво**-*го т.*; **пивны́е дро́жжи** пиво ачыткысы.

**ПИ'ВО** *ср.* пиво.

**ПИВОВА'Р** *м.* пиво кайнатуучу.

**ПИВОВАРЕ'НИЕ** *ср.* пиво кайнатуу, пиво чыгаруу.

**ПИВОВА'РЕННЫЙ,** -ая, -ое **пивоварение**-*ге т.*; пиво кайнатуучу, пиво чыгаруучу; **пивова́ренный заво́д** пиво чыгаруучу завод.

**ПИ'ГАЛИЦА** *ж.* **1.** (*птица*) ызгыт (*куштун бир түрү*); **2.** *перен. разг.* илмейген, кыска бойлуу арык киши.

**ПИГМЕ'Й** *м.* **1.** (*человек крошечного роста*) эң кичине бойлуу киши; **2.** *перен. презр.* санда жок жаман киши.

**ПИГМЕ'НТ** *м. физиол.* пигмент (*айбан жана өсүмдүк организминдеги түс берүүчү зат*).

**ПИГМЕНТА'ЦИЯ** *ж. физиол.* пигментация (*айбан жана өсүмдүктөрдүн ткандарындагы пигменттер*).

**ПИГМЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **пигмент**-*ке т.*; пигменттик; **2.** *тех.* пигменттүү, пигменттен жасалган; **пигме́нтные краси́тели** пигменттен жасалган боёктор.

**ПИДЖА'К** *м.* бешмант; **двубо́ртный пиджа́к** эки жакка тең кымтыланма бешмант.

**ПИДЖА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **пиджак**-*ка т.*

**ПИЖА'МА** *ж.* пижама (*үйдө кийилүүчү, жука кездемеден жасалган бешмант жана шым*).

**ПИИ'Т** *м. уст.* поэт, ырчы.

**ПИК** I *м. геогр.* пик (*чоку, аска, тоо чокусу*).

**ПИК** II *прил. неизм.*: **часы́ пик в рабо́те** кыска убакытта иште болгон жогорулаш (*мис. жумуш башталарда же бүткөн кезде шаар транспортунун ишинин чыңалышы*).

**ПИ'КА** I *ж.* (*род копья*) найза.

**ПИ'КА** II *ж. карт. разг. см.* **пи́ки**; ◇ **в пи́ку** *кому-л. разг.* бирөөгө өчөшүп, касакана, атайы кара санап.

**ПИКА'НТНОСТЬ** *ж.* **1.** өткүр даамдуулук; **2.** *перен.* кызыктыруучулук, өзүнө тартуучулук.

**ПИКА'НТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*пряный на вкус*) өткүр даамдуу; **2.** *перен.* кызыктыруучу, өзүнө тартуучу; **пика́нтная вне́шность** өзүнө тартуучу сырткы көрүнүш.

**ПИКЕ'** I *ср. нескл.* (*ткань*) пике (*кездеменин бир түрү*).

**ПИКЕ'** II *ср. нескл. см.* **пики́рование.**

**ПИКЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **пике** I-*ге т.*; **пике́йная руба́шка** пикеден тигилген көйнөк.

**ПИКЕ'Т** *м.* пикет (**1.** *воен., полит.* *бир аз кишиден түзүлгөн сакчы отряд*; **2.** *ж.-д. темир жолдук өлчөм — километрдин ондон бир бөлүгү*; **3.** *геодезиялык жумуш убагында жерге кагып коюла турган, бетинде номери бар кичине казык*).

**ПИКЕ'ТЧИК** *м. воен., полит.* пикетте туруучу киши (*см.* **пике́т** 1).

**ПИ'КИ** *мн. карт.* карга (*карта оюнунда*).

**ПИКИ'РОВАНИЕ** *ср. ав.* пикировать кылуу, кудуп тик учуу, типтик ылдый учуу.

**ПИКИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. ав.* пикировать кылуу, кудуп тик учуу, типтик ылдый учуу.

**ПИКИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что, с.-х.* пикировать кылуу (*өсүмдүктү казып алып, тамырларын түзөтүп же кесип башка жерге кенен өсүү үчүн отургузуу*).

**ПИКИ'РОВАТЬСЯ** *несов. с кем, разг.* бирин-бири кекээрлеп сүйлөшүү.

**ПИКИРО'ВКА** I *ж. с.-х.* пикировать кылуу (*мис. өсүмдүктү*).

**ПИКИРО'ВКА** II *ж. разг.* кекээрлөө, бирин-бири кекээрлеп сүйлөшүү.

**ПИКИ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ее: **пики́рующий бомбардиро́вщик** пикировать кылуучу бомбардировщик (*типтик ылдый учуп, бомба таштоочу самолёт*); **пики́рующий полёт** кудуп тик учуу.

**ПИКНИ'К** *м.* пикник (*компания болуп шаардын сыртына чыгып тамаша кылуу*).

**ПИКНО'МЕТР** *м. физ.* пикнометр (*катуу жана суюк нерселердин тыгыздыгын белгилөөчү прибор*).

**ПИ'КНУТЬ** *сов. разг.* кыңк этүү; **он и пи́кнуть не смеет** ал кыңк эте да албайт.

**ПИ'КОВЫЙ,** -ая, -ое **пики**-*ге т.*; карга (*карта оюнунда*); **пи́ковая да́ма** карганын маткеси; ◇ **пи́ковое положе́ние** *разг.* аргасыз абал; **оста́ться при пи́ковом интере́се** *разг.* жолу болбой калуу, ойлогонуна жетпей калуу.

**ПИКРИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое: **пикри́новая кислота́** *хим.* пикриндик кислота (*артиллерияда колдонулуучу жарылма, уулуу зат*).

**ПИКТОГРА'ФИЯ** *ж. этн.* пиктография (*байыркы замандын сүрөт менен жазылуучу жазуусу*).

**ПИЛА'** *ж.* араа; **электри́ческая пила́** электр араа.

**ПИЛА'В** *м. кул.* палоо.

**ПИЛА'-РЫ'БА** *ж. зоол.* араа тиштүү жырткыч балык.

**ПИЛЁНЫЙ,** -ая, -ое ааралаңган, таарылган; **пилёный лес** араалап кесилген жыгач, таарылган жыгач; ◇ **пилёный са́хар** чакмак кант.

**ПИЛИГРИ'М** *м. уст.* пилигрим (*касиеттүү жерге зыярат кылуучу, мис. ажы*).

**ПИЛИ'КАТЬ** *несов. на чём, разг.* начар ойноо, кыйкылдатуу (*мис. музыка куралына*); **пили́кать на скри́пке** скрипканы кыйк-чыйк эттирүү.

**ПИЛИ'ТЬ** *несов.* **1.** *что* араалоо, араалап кесүү, тааруу; **пили́ть дрова́** отун араалоо; **2.** *кого-что, перен. разг.* ичип-жеш, ичип-жеп коюу (*урушуп, жемелеп*).

www.bizdin.kg

**ПИЛИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. араланууу, таарылуу; **твёрдое дерево пилится с трудом** катуу жыгач кыйынчылык менен araаланат; 2. *страд.* **к пилить.**

**ПИ'ЛКА** *ж.* 1. (*действие*) араалоо, тааруу; **пилка и колка дров** отунду араалоо жана жаруу; 2. *уменьш. от* **пила** кичине араа; **пилка для ногтей** тырмак үчүн арналган кичине араа.

**ПИЛОМАТЕРИА'ЛЫ** *мн.* аралланган жыгачтар, аралланган тактайлар.

**ПИЛООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое араа сыяктуу.

**ПИЛОРА'МА** *ж. тех.* пилорама (*араа станогу*).

**ПИЛО'Т** *м.* пилот (*учкуч*).

**ПИЛОТА'Ж** *м.* пилотаж (*самолёттордү учуруу искусствосу*); **высший пилотаж** жогорку пилотаж (*самолёттордү мыкты учуруу искусствосу*).

**ПИЛОТИ'РОВАНИЕ** *ср.* самолётту учуруу (*самолётту учуруп алып жүрүү*).

**ПИЛОТИ'РОВАТЬ** *несов. что* самолётту учуруу.

**ПИЛО'ТКА** *ж.* пилотка (*армиядагы баш кийимдин бир түрү*).

**ПИЛЬ** *межд. охот.* ал-ал! (*аңды алууга итке буйрук кылуу*).

**ПИ'ЛЬЩИК** *м.* араачы (*бир нерсени араалоочу жумушчу*).

**ПИЛЮ'ЛЯ** *ж.* пилюля (*жутууга оңой болуу үчүн кичине-кичине кылып тоголоктоп жасалган дары*); ◇ **проглотить пилюлю** ызалаган, кордогон сөз укса да, кыңк этпей отура берүү; **позолотить пилюлю** бирөөгө жамандыкты иштеп коюп, кайта көйүтүмүш болуу.

**ПИЛЯ'СТРА** *ж. архит.* пилястра (*бир бети менен дубалга тийчиштп туруучу төрт кырдуу мамы*).

**ПИМЫ'** *мн.* (*ед.* **пим** *м.*) 1. (*меховые сапоги*) пима (*СССРдин түндүктө жашоочу элдери кийе турган түгү сыртына каратылып, бугунун терисинен тигилген кончу узун өтүк*); 2. *обл.* кийиз өтүк.

**ПИНА'ТЬ** *несов. см.* **пнуть.**

**ПИНГВИ'Н** *м. зоол.* пингвин (*полюста жашоочу кыска канаттуу, учпай турган куш*).

**ПИ'НИЯ** *ж. бот.* пиния (*көбүнчө Италияда чыгуучу ийне жалбырактуу жыгачтын бир түрү*).

**ПИНЦЕ'Т** *м.* пинцет (*майда нерселерди кыпчып алууга арналган пружиналуу кичине кыпчуур*).

**ПИО'Н** *м. бот.* пион (*ак, кызгылт же кызыл чоң гүлдүү декоративдик өсүмдүк*).

**ПИОНЕ'Р** *м.* 1. пионер (*балдардын коммунисттик уюмунун мүчөсү*); 2. (*первый поселенец*) пионер (*изилдебеген, жаңы өлкөгө биринчи жолу барып, анда жашай баштаган киши*); 3. *перен.* (*новатор*) пионер; **пионер естествознания** табият илимдеринин пионерлери (*новаторлору*).

**ПИОНЕР=** *кыскартылган сөз; бул—татаал сөздөрдө «пионер, пионерлер, пионердик» деген маанide колдонулат.*

**ПИОНЕРВОЖА'ТАЯ** *ж.* пионервожатая (*пионер уюмунун жетекчиси*).

**ПИОНЕРВОЖА'ТЫЙ** *м.* пионервожатый (*пионер уюмунун жетекчиси*).

**ПИОНЕ'РКА** *женск. р. к* **пионер** 1; пионерка.

**ПИОНЕРОТРЯ'Д** *м.* (пионерский отряд) пионер отряды.

**ПИОНЕ'РСКИЙ,** -ая,-ое **пионер** 1-*ге т.*; пионердик; **пионерский лагерь** пионер лагери.

**ПИПЕ'ТКА** *ж.* пипетка, тамызгыч (*бир учунда резинкасы бар, суюктукту сордуруп алып кайра тамызуучу айнек түтүкчө*).

**ПИР** *м.* той; ◇ **пир на весь мир** *или* **пир горой** өтө чоң той; **в чужом пиру похмелье** *погов. см.* **похмелье.**

**ПИРАМИ'ДА** *ж.* пирамида (1. *мат. негизи көп бурчтуу, башка кырлары уч бурчтуу, бардыгынын чокусу бир көп бурчтук*; 2. *ист. Байыркы Египетте — фараондор үчүн таштан пирамида түрүндө салынган күмбөз*; 3. *учу учтуу болуп үйүлгөн нерсе*; 4. *спорт. биринин үстүнө бири чыккан кишилерден жасалган акробаттык фигура*).

**ПИРАМИДА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое пирамида сыяктуу; ◇**пирамидальный тополь** мырза терек.

**ПИРАМИДО'Н** *м. фарм.* пирамидон (*оорууну басуучу дары*).

**ПИРА'Т** *м.* пират (*деңиз каракчысы*).

**ПИРА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **пират**-*ка т.*; пираттык; **пиратское судно** пираттык кеме, пираттардын кемеси.

**ПИРА'ТСТВО** *ср.* пиратчылык (*деңизде каракчылык кылуучулук*).

**ПИРОВА'ТЬ** *несов.* тойлоо, тойго катышып жүрүү, тойго катышуу, тойлоп жүрүү, тойдогудай көңүлдүү жүрүү.

**ПИРО'Г** *м.* пирог (*арасына бир нерсе салынып бышырылган нан, самса*); **пирог с мясом** ичине эт салынган пирог.

**ПИРО'ГА** *ж.* пирога (*Океания элдеринин ичке, узун кайыгы*).

**ПИРО'ЖНИК** *м. уст.* пирожник (*пирог жасоочу же сатуучу*).

**ПИРО'ЖНОЕ** *ср.* пирожное (*каймак, кант, жумуртка ж. б. кошулган камырдан жасалган кондитердик тамак*).

**ПИРОЖО'К** *м.* пирожок, кичине пирог, самса.

**ПИРОКСИЛИ'Н** *м. тех.* пироксилин (*өтө күчтүү жарылма зат*).

**ПИРОКСИЛИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **пироксилин**-*ге т.*; **пироксилиновая шашка** пироксилин шашкасы (*пироксилин кошулуп жасалып, бир нерсени жаруу үчүн колдонулуучу кичине тегерек нерсе*).

**ПИРО'МЕТР** *м. физ., тех.* пирометр (*жогорку температураларды өлчөгүч прибор*).

**ПИРОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **пирометр**-*ге т.*

**ПИРОМЕ'ТРИЯ** *ж. физ.* пирометрия (*жогорку температураларды өлчөө жолун үйрөтүүчү окуу*).

**ПИРОСКО'П** *м. физ., тех.* пироскоп (*жогорку температураны чамалап өлчөгүч прибор*).

**ПИРОТЕ'ХНИК** *м.* пиротехник (*пиротехника жагынан специалист*).

**ПИРОТЕ'ХНИКА** *ж. тех.* пиротехника (*күйгүч, жарылма составдарды даярдоочу техниканын бир тармагы*).

**ПИРОТЕХНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **пиротехника**-*га т.*

**ПИРУ'ШКА** *ж. разг.* сый кечеси, зоок-тамаша кечеси, кичине той.

**ПИРУЭ'Т** *м.* пируэт (*бийде — бир бүтүн учу менен толук айлануу*).

**ПИ'РШЕСТВО** *ср. уст.* той, мыкты той.

**ПИ'РШЕСТВОВАТЬ** *несов. уст.* тойлоо, тойго катышуу (*эски убакта*).

**ПИСА'КА** *м. разг. презр.* жазуучу сөрөй.

**ПИСА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жазуу, кат жазуу; **писание под диктовку** бирөө айтып бергенди жазуу; 2. (*письмо, сочинение*) кат, чыгарма.

**ПИСАНИ'НА** *ж. разг. презр.* жазгандан жаза берүү, болор-болбосторду курулай эле көп жаза берүү.

**ПИ'САНЫЙ,** -ая, -ое жазылган; **писаный документ** жазылган документ; ◇ **писаная красавица** айдай сулуу (*аял жөнүндө*); **говорить как по писаному** *разг.* такалбастан шар жана кооз сүйлөө.

**ПИ'САРЬ** *м. уст.* катчы, бесир.

**ПИСА'ТЕЛЬ** *м.* жазуучу.

**ПИСА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **писатель.**

**ПИСА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **писатель**-*ге т.*; жазуучулук; **писательский талант** жазуучулук талант.

**ПИСА'ТЬ** *несов.* 1. жазуу; **учиться читать и писать** окууга жана жазууга үйрөнүү; **это перо не пишет** бул калем уч жазбайт; **писать отчёт** отчёт жазуу; **он мне давно не писал** ал мага көптөн бери жазган жок; **писать роман** роман жазуу; 2. *что* (*рисовать*) сүрөт тартуу, сүрөт жасоо; **писать портрет** портрет тартуу (жассоо);

www.bizdin.kg

◇ **пиши́ пропа́ло** *разг.* жок болду дей бер, андан үмүт кылба.

**ПИСА'ТЬСЯ** *несов.* жазылуу; **сло́во «мышь» пи́шется с мя́гким зна́ком на конце́** «мышь» деген сөз аягына ичкертүү белгиси коюлуп жазылат.

**ПИСЕ'Ц** *м. уст.* катчы, бесир.

**ПИСК** *м.* чыцырган, чыйылдаган, чый-чуй этken үн.

**ПИСКЛИ'ВЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*о звуках, голосе*) чый-чуй эткен; **пискли́вый го́лос** чый-чуй эткен үн; **2.** (*плаксивый*) ыйлаак; **пискли́вый ребёнок** ыйлаак бала.

**ПИ'СКНУТЬ** *однокр.* чыйылдоо, чый этүү; **где́-то пи́скнула мышь** кайдандыр чычкан чый этти.

**ПИСКОТНЯ'** *ж. разг.* чыйылдаган ызы-чуу.

**ПИСКУ'Н** *м. разг. пренебр.* ыйлаак, чыйылдак.

**ПИССУА'Р** *м.* писсуар (*ааратканадагы сийдик агыза турган атайы идиш*).

**ПИСТОЛЕ'Т** *м.* пистолет (*тапанча*); **автомати́ческий пистоле́т** автоматтык пистолет.

**ПИСТОЛЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое **пистолет**-*ке т.*; **пистоле́тный вы́стрел** пистолеттен атуу.

**ПИСТО'Н** *м.* **1.** (*в оружии*) пистон, мистон; **2.** *муз.* пистон (*үйлөмө музыка куралынын жез клапаны*).

**ПИСЦО'ВЫЙ**, -ая, -ое **писец**-*ке т.*; **писцо́вые кни́ги** *ист.* каттоо китептери (*Байыркы Руста — элдерди жана алардын чарбаларын каттап коюучу китептер*).

**ПИСЧЕБУМА'ЖНЫЙ**, -ая, -ое **1.** жазуу кагазын чыгаруучу (жасоочу); **писчебума́жное произво́дство** жазуу кагазын жасоочу өндүрүш; **2.** жазууга арналган; **писчебума́жные принадле́жности** жазууга керектүү нерселер (*мис. кагаз, карындаш, калем, сыя ж. б.*).

**ПИ'СЧИЙ**, -ая, -ее: **пи́счая бума́га** жазуу кагазы.

**ПИСЬМЕНА'** *только мн.* жазуу тамгалары, жазуу ариптери; **еги́петские письмена́** Байыркы Египеттин жазуу тамгалары.

**ПИ'СЬМЕННО** *нареч.* жазуу түрүндө.

**ПИ'СЬМЕННОСТЬ** *ж.* **1.** *филол.* жазуу (*кандайдыр бир элдин же доордун жазуусу жана адабияты*); **древнеру́сская пи́сьменность** байыркы орус жазуусу; **2.** *уст.* (*грамотность*) сабаттуулук, кат тааныгандык; **3.** (*графические знаки*) жазуу тамгалары; **кирги́зская пи́сьменность** кыргыздын жазуу тамгалары.

**ПИ'СЬМЕННЫЙ**, -ая, -ое **письмо**-*го т.*; **пи́сьменные заня́тия** жазуу сабагы; **да́йте ва́ши предложе́ния в пи́сьменной фо́рме** өзүңүздүн сунуштарыңызды жазуу түрүндө бериңиз; **пи́сьменный стол** жазуу столу.

**ПИСЬМО'** *ср.* **1.** кат; **це́нное письмо́** баалуу кат; **2.** (*умение писать*) жазуу; **иску́сство письма́** жазуу искусствосу; **3.** (*графические знаки*) жазуу тамгалары; **ара́бское письмо́** арабтын жазуу тамгалары.

**ПИСЬМОВОДИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* иш жүргүзүүчү (*мекемеде*).

**ПИСЬМОНО'СЕЦ** *м.* кат ташуучу.

**ПИТА'НИЕ** *ср.* **1.** азыктандыруу, тамактандыруу; **иску́сственное пита́ние** жасалма жол менен азыктандыруу; **2.** (*пища*) азык, тамак; **диети́ческое пита́ние** диеталык тамак; **обще́ственное пита́ние** коомдук тамак.

**ПИТА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* ток алып жүрүүчүлүк; **пита́тельность молока́** сүттүн ток алып жүрүүчүлүгү.

**ПИТА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*пригодный для питания*) тамак болуучу; **пита́тельные вещества́** тамак болуучу зат; **2.** (*сытный*) ток, ток алып жүрүүчү; **пита́тельная пи́ща** ток алып жүрүүчү тамак; ◇ **пита́тельная среда́** *биол.* азыктандыруучу чөйрө, тамактандыруучу чөйрө (*өсүүгө, көбөйүүгө жардам кылуучу чөйрө*).

**ПИТА'ТЬ** *несов.* **1.** *кого* (*кормить*) азыктандыруу, тамактандыруу, аш (тамак) берүү; **2.** *что, физиол.* азыктандыруу, тамактандыруу; **3.** *что, перен.* (*снабжать чем-л.*) берүү; **та́ющий снег пита́ет го́рные ре́ки** эрип жаткан кар тоодогу дарыяларга суу берет; **4.** *что, перен.* (*испытывать*): **пита́ть дове́рие** ишенип жүрүү; **пита́ть наде́жду** үмүттөнүү, ишенүү; **пита́ть не́нависть** жек көрүп жүрүү.

**ПИТА'ТЬСЯ** *несов. чем* **1.** тамактануу, жеш; **пита́ться фру́ктами** жемиштер менен тамактануу; **2.** *физиол.* азыктануу, тамактануу; **тка́ни челове́ческого органи́зма пита́ются кислоро́дом** кишинин организминин ткандары кислород менен азыктанат.

**ПИТО'МЕЦ** *м.* тарбия алуучу, тарбияланууучу, багылып өстүрүлгүчү.

**ПИТО'МНИК** *м.* питомник (*өсүмдүк же айбан багылып өстүрүлүүчү жай*); **пито́мник фрукто́вых дере́вьев** жемиш бактарынын питомниги; **лесно́й пито́мник** токой питомниги.

**ПИТО'Н** *м. зоол.* питон (*тропиктик өлкөлөрдө жашоочу заардуу чоң жыландын бир түрү*).

**ПИТЬ** *несов.* **1.** *что* ичүү; **пить чай** чай ичүү; **2.** (*употреблять спиртные напитки*) ичкилик ичүү, ичүү; **он си́льно пьёт** ал ичкиликти абдан ичет, ал көп ичет. ◇ **как пить дать** *разг.* сөзсүз, шексиз.

**ПИТЬЁ** *ср.* **1.** ичүү; **э́та вода́ не годна́ для питья́** бул суу ичүүгө жарабайт, **2.** (*напиток*) суусун, **о́чень вку́сное питьё** эң даамдуу суусун.

**ПИТЬЕВО'Й**, -а́я, -о́е ичүүгө жарактуу; **питьева́я вода́** ичүүгө жарактуу суу.

**ПИ'ФИЯ** *ж.* пифия (**1.** *ист. Байыркы Грецияда — эки маанилүү, түшүнүксүз жооп берген мифологиялык кечил*; **2.** *перен. эки маанилүү кылып түшүнүксүз жооп берген киши*).

**ПИХА'ТЬ** *несов. см.* **пихну́ть.**

**ПИХА'ТЬСЯ** *несов. разг.* түртүшүү, итеришүү; **не пиха́йся!** түртүшпө!

**ПИХНУ'ТЬ** *сов. кого-что* түртүү, итерүү.

**ПИ'ХТА** *ж.* пихта (*тобурчагы түптүз туруучу, ийне жалбырактуу жыгач*).

**ПИ'ЧКАТЬ** *несов. кого чем* көп берүү, зордоп ичирүү, көп ичирүү.

**ПИЧУ'ГА** *ж. разг.* чымчык.

**ПИЧУ'ЖКА** *ж. разг. см.* **пичу́га.**

**пишу́, пи́шешь** *и т. д. наст. вр. от* **писа́ть.**

**ПИ'ШУЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **писа́ть; пи́шущий э́ти стро́ки** бул саптарды жазуучу; **2.** *прил.* жазуучу; **пи́шущая маши́нка** жазуучу машинка.

**ПИ'ЩА** *ж.* **1.** тамак, аш, оокат; **лёгкая пи́ща** жеңил оокат; **2.** *перен.* азык; **духо́вная пи́ща** духовный азык; **пи́ща для ума́** акыл азыгы; ◇ **дава́ть пи́щу** *чему-л.* узун кулактын, кеп-келечтин чыгышына жана таралышына жардам кылуу.

**ПИЩА'ЛЬ** *ж. ист.* жазайыл (*мурунку убактагы жеңил замбирек же оор мылтык*).

**ПИЩА'ТЬ** *несов.* **1.** (*издавать писк*) чыйылдоо; **2.** *разг.* чыйылдап сүйлөө.

**ПИЩЕВАРЕ'НИЕ** *ср. физиол.* тамак сиңирүү; **о́рганы пищеваре́ния** аш казан органдары, ичек-карын.

**ПИЩЕВАРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **пищеварение**-*ге т.*; аш сиңирүүчү; **пищевари́тельные проце́ссы** аш сиңирүүчү процесстер; **пищевари́тельный аппара́т** аш сиңирүүчү аппарат.

**ПИЩЕВИ'К** *м.* тамак-аш өнөр жайында иштөөчү адам.

**ПИЩЕВО'Д** *м. анат.* кызыл өңгөч.

**ПИЩЕВО'ДНЫЙ**, -ая, -ое **пищевод**-*го т.*

**ПИЩЕВО'Й**, -а́я, -о́е **пища**-*га т.*; **пищева́я промы́шленность** тамак өнөр жайы; **пищевы́е проду́кты** азык-түлүк.

**ПИЯ'ВКА** *ж.* сүлүк; **медици́нские пия́вки** медициналык сүлүктөр; **ста́вить пия́вки** сүлүк коюу.

**ПЛАВ** *м.*: **на плаву́** сүзүп жүргөн кезде, суу үстүндө жүргөн кезде; **ремонти́ровать парохо́д на плаву́** кемени сүзүп жүргөн кезде ремонттоо.

**ПЛА'ВАНИЕ** *ср.* **1.** сууда сүзүү, чабак уруу; **шко́ла пла́вания** сууда сүзүүнүн мектеби; **2.** (*на судах*) кемеде

www.bizdin.kg

жүрүү; **кругосве́тное пла́вание** кеме менен жер шарын айлануу.

**ПЛА'ВАТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **плавание**-*ге т.*; сууда сүзгүч, сууда сүздүргүч; **пла́вательные перепо́нки у птиц** куштардын сууда сүзгүч жаргактары (*мис. өрдөктүн бутундагы*).

**ПЛА'ВАТЬ** *несов.* **1.** сүзүү, сууда сүзүү, чабак уруу, агуу; **он хорошо́ пла́вает** ал сууда жакшы сүзөт; **де́рево пла́вает в воде́** жыгач сууга агат (чөкпөйт); **2.** *перен. ирон.* билбей эле ойду-тоону айта берүү, соктура берүү; **пла́вать на экза́менах** экзаменде билбей эле ойду-тоону айта берүү; ◇ **ме́лко пла́вать** арымы жок, алы чак болуу.

**ПЛАВИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* эритүүчү, металл эритүүчү; **плави́льная печь** эритүүчү меш.

**ПЛАВИ'ЛЬНЯ** *ж. тех.* эриткич (*металл эритүүчү жай*).

**ПЛАВИ'ЛЬЩИК** *м.* плавильщик (*металл эритүү жагынан специалист*).

**ПЛА'ВИТЬ** *несов. что, тех.* эритүү; **пла́вить мета́лл** металл эритүү.

**ПЛА'ВИТЬСЯ** *несов. тех.* эритилүү (*көбүнчө металлдар жөнүндө*).

**ПЛА'ВКА** *ж.* **1.** (*действие*) эритүү; **пла́вка мета́лла** металл эритүү; **2.** (*результат*) эритинди; **полу́чена пе́рвая пла́вка чугуна́** чоюндун биринчи эритиндиси алынды.

**ПЛА'ВКИ** *только мн.* плавки (*сууга сүзүүчүлөр кийүүчү кыска трусик*).

**ПЛА'ВКИЙ,** -ая, -ое эригич, оңой эрий турган, оңой эриме; **пла́вкий мета́лл** оңой эриме металл.

**ПЛА'ВКОСТЬ** *ж.* эригичтик, оңой эригичтик; **пла́вкость мета́лла** металлдын эригичтиги.

**ПЛАВЛЕ'НИЕ** *ср.* эрүү, эрий турган абалга келүү; **то́чка плавле́ния** эрүү точкасы (*эрий турган убагына жетүү*).

**ПЛА'ВЛЕНЫЙ,** -ая, -ое эриген, эритилген; **пла́вленый сыр** эритилген сыр.

**ПЛАВНИ'К** *м. зоол.* сүзгүч канат (*мис. балыктын*).

**ПЛА'ВНО** *нареч.* салмактуулук менен, жай-салмак менен.

**ПЛА'ВНОСТЬ** *ж.* **1.** салмактуулук; **пла́вность похо́дки** басуунун (жүрүүнүн) салмактуулугу; **2.** жай-салмактуулук; **пла́вность ре́чи** сөздүн жай-салмактуулугу.

**ПЛА'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** салмактуу; **пла́вная похо́дка** салмактуу жүрүш; **2.** жай-салмактуу; **пла́вная речь** жай-салмактуу сөз.

**ПЛАВУНЕ'Ц** *м. зоол.* суу коңуз (*көлчүк сууда жашоочу коңуз*).

**ПЛАВУ'ЧЕСТЬ** *ж.* сууда сүзгүчтүк, сууда сүзүүгө жөндөмдүүлүк, сууда калкып жүргүчтүк.

**ПЛАВУ'ЧИЙ,** -ая, -ее сууда калкып турма (туруучу), сууда калкып жүрмө (жүрүүчү), калкып агып жүрмө (жүрүүчү); **плаву́чая льди́на** калкып жүрмө муз; **плаву́чий санато́рий** калкып агып жүрмө санаторий (*пароходдун үстүндөгү санаторий*).

**ПЛАГИА'Т** *м.* плагиат (*адабият уурулугу; биреөнүн чыгармасын же анын бир бөлүгүн өзүнүкү кылып уурдап бастырып чыгаруу*).

**ПЛАГИА'ТОР** *м.* плагиатор (*адабият ууру; плагиаттык иш кылуучу киши*).

**ПЛАГИА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **плагиатор**-*го*, **плагиаторство**-*го т.*; плагиаттык, плагиатордук.

**ПЛАГИА'ТОРСТВО** *ср.* плагиаторчулук (*чыгарма уурдоочулук*).

**ПЛА'ЗМА** *ж.* плазма (**1.** *биол. кандын, лимфанын составдык суюк бөлүгү;* **2.** *мин. кара көк түстөгү халцедон*).

**ПЛАЗМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **плазма**-*га т.*; плазмалык; **плазмати́ческая кле́тка** плазмалык клетка.

**ПЛАЗМО'ДИЙ** *м. биол.* **1.** (*масса*) плазмодий (*өсүмдүктөрдүн чириген калдыгына, дүмүргө, түшкөн жалбырактарга пайда болуучу илээшме былжырак козу карын*); **2.** (*кровяные паразиты*) плазмодий (*кандагы жөнөкөй түрдөгү бир клеткалуу жителер*); **плазмо́дии маляри́и** безгек плазмодийлери.

**ПЛА'КАЛЬЩИЦА** *ж. уст.* кошокчу (*байыркы заманда — өлгөндү кошуп ыйлоо үчүн жалдануучу аял*).

**ПЛАКА'Т** *м.* плакат (*көбүнчө агитациялык максаттар менен көчөлөргө илинип коюлуучу сүрөттүү же сүрөтсүз коозделгон тексттер*).

**ПЛАКА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **плакат**-*ка т.*; плакаттык; **плака́тный рису́нок** плакат сүрөтү.

**ПЛА'КАТЬ** *несов.* **1.** ыйлоо; **пла́кать от ра́дости** сүйүнгөндүктөн ыйлоо; **доса́дно, хоть плачь!** ыйлагысы келгендей кордук!; **2.** *о ком-чём, перен.* (*сожалеть*) кайгыруу, өкүнүү; ◇ **пла́кали де́нежки** *разг.* акча бекерге кетти, кайран акча жок болду.

**ПЛА'КАТЬСЯ** *несов. разг.* ыйлактай берүү; **пла́каться на свою́ судьбу́** өз тагдыры жөнүндө ыйлактай берүү.

**ПЛАКИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* **1.** (*серебром, золотом*) чөгөрүү, жалатуу, жабуу; **2.** (*деревом*) каптоо; **3.** (*дёрном*) төшөө.

**ПЛАКИРО'ВКА** *ж.* **1.** (*серебром, золотом*) чөгөрүү, жалатуу, жабуу (*жез же латундун бетине күмүш же алтын жалатуу*); **2.** (*деревом*) каптоо (*кадыресе жыгачтын бетине кымбаттуу жыгачты каптоо*); **3.** (*дёрном*) төшөө (*жантайма, эңиш жерди жаан суусу эшип кетпес үчүн чим төшөп коюу*).

**ПЛАКИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **плакировка**-*га т.*

**ПЛА'КСА** *м. и ж. разг.* ыйлаак, жашык (*киши*).

**ПЛАКСИ'ВОСТЬ** *ж.* ыйлаактык, жашыктык.

**ПЛАКСИ'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*часто плачущий*) ыйлаак, жашык; **плакси́вый ребёнок** ыйлаак бала; **2.** (*жалобный*) ыйламсыраган, аянычтуу, жашык; **плакси́вый го́лос** ыйламсыраган үн, жашык үн.

**ПЛАКУ'ЧИЙ,** -ая, -ее: **плаку́чая и́ва** *бот.* мажрум тал (*бутактары дайыма салаңдаган тал*).

**ПЛАМЕНЕ'ТЬ** *несов. поэт.* **1.** (*сверкать*) жаркырап күйүү, алоолонуу, албыруу; **зака́т пламене́ет** күн алоолонуп батып баратат; **2.** *чем, перен.* жалынына батуу; **пламене́ть любо́вью** сүйүүнүн жалынына батуу.

**ПЛА'МЕННОСТЬ** *ж.* жалындуулук; **пла́менность ре́чи** (сүйлөгөн) сөздүн жалындуулугу.

**ПЛА'МЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*сверкающий*) алоолонгон, албырып кызарган; **пла́менный зака́т** күндүн алоолонуп батышы; **2.** *перен.* жалындуу; **пла́менный взгляд** жалындуу көз караш.

**ПЛА'МЯ** *ср.* жалын; **вспы́хнуть пла́менем** дүрт этип жалындоо.

**ПЛАН** *м.* **1.** план (*алдын ала белгиленген иш программасы*); **пятиле́тний план** беш жылдык план; **произво́дственный план** өндүрүш планы; **уче́бный план** окуу планы; **соста́вить план** план түзүү; **2.** (*чертёж*) план (*бир жайдын же нерсенин кичинекей масштабда түшүрүлгөн чертёжу*); **план го́рода** шаардын планы; **3.** (*краткая программа*) план (*айтылуучу же жазылуучу нерсенин кыскача түрдө жазылган программасы*); **план докла́да** докладдын планы; **4.** (*место, расположение в перспективе*) жак; **пере́дний план карти́ны** сүрөттүн алдыңкы жагы; **на за́днем пла́не сце́ны** сахнанын арткы жагында; ◇ **на пе́рвом пла́не** биринчи кезекте, биринчи иретте.

**ПЛАНЁР** *м. ав.* планёр (*моторсуз учуучу аппарат*).

**ПЛАНЕРИ'ЗМ** *м. ав.* планеризм (*планёрдо учуу искусствосу*).

**ПЛАНЕРИ'СТ** *м. ав.* планерист (*планёрдо учуучу лётчик*).

**ПЛАНЁРНЫЙ,** -ая, -ое **планёр**-*ге т.*; планёрдук; **планёрный спорт** планёр спорту, планёрдук спорт.

**ПЛАНЕ'ТА** *ж. астр.* планета (*күн айланасында тегеренип жүрүүчү тело; мис. Марс, Чолпон, Меркурий, Жер ж. б.*).

www.bizdin.kg

**ПЛАНЕТА'РИЙ** *м.* планетарий (1. *асмандагы планета жана башка телолордун кыймылын көрсөтүүчү прибор*; 2. *ушул прибордун кыймылын-ишин көрсөтүүчү жай*).

**ПЛАНЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **планета**-*га т.*; планеталык; **планéтная систéма** планеталар системасы.

**ПЛАНЕТО'ИД** *м. астр.* планетоид (*кичине планета*).

**ПЛАНИМЕ'ТР** *м. геод.* планиметр (*аянттарды карталар, пландар жана башка жалпак чертёждор боюнча өлчөө үчүн колдонулуучу прибор*).

**ПЛАНИМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **планиметр**-*ге т.*; планиметрдик; 2. **планиметрия**-*га т.*; планиметриялык.

**ПЛАНИМЕ'ТРИЯ** *ж. мат.* планиметрия (*геометриянын жалпактагы фигураларды текшерүүчү бир бөлүмү*).

**ПЛАНИ'РОВАНИЕ** I *ср.* 1. план түзүү, пландоо; **планúрование нарóдного хозя́йства** эл чарбасын пландоо; **планúрование произвóдства** өндүрүштү пландоо; 2. *архит.* план түзүү, пландоо, пландаштыруу; **планúрование гóрода** шаарды пландоо.

**ПЛАНИ'РОВАНИЕ** II *ср. ав.* акырындап төмөн учуп түшүү; **планúрование самолёта** самолёттун акырындап төмөн учуп түшүшү.

**ПЛАНИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. *что* (*составлять план чего-либо*) план түзүү, пландоо, пландаштыруу; **планúровать промы́шленность** өнөр жайды пландоо; 2. *ав.* акырындап төмөн учуп түшүү.

**ПЛАНИРОВА'ТЬ** *несов.* 1. (*располагать по плану*) пландаштыруу; **планировáть учáсток под стрóительство** участокту курулуш үчүн пландаштыруу; 2. *архит.* пландоо, план түзүү; **планировáть здáние** үйдү пландоо, имаратты пландоо.

**ПЛАНИРО'ВКА** *ж.* пландаштыруу; **планирóвка учáстков земли́** жер участокторун пландаштыруу; **планирóвка рабóт** жумуштарды пландаштыруу.

**ПЛАНИСФЕ'РА** *ж. астр.* планисфера (*жер же асман сфералары жалпак нерсенин бетине эки окшош жарым шар түрүндө сызылган карта*).

**ПЛА'НКА** *ж.* планка (*жука, энсиз тактай же металл калакча*).

**ПЛАНКТО'Н** *м. биол.* планктон (*деңиздерде жана дарыяларда жашоочу, суунун агымынын күчү менен гана бир жерден экинчи жерге которулуучу жандуу жана өсүмдүк организмдеринин дүйнөсү*).

**ПЛАНОВИ'К** *м.* плановик (*өндүрүш пландарын түзүү боюнча специалист*).

**ПЛА'НОВОСТЬ** *ж.* пландуулук; **плáновость социалисти́ческого хозя́йства** социалисттик чарбанын пландуулугу.

**ПЛА'НОВЫЙ,** -ая, -ое **план** I-*ге т.*; пландуу; **плáновое хозя́йство** пландуу чарба; **плáновая рабóта** пландуу жумуш.

**ПЛАНОМЕ'РНОСТЬ** *ж.* план негизинде болуучулук, план менен иштелүүчүлүк; **планомéрность развúтия социалистúческого хозя́йства** социалисттик чарбанын план негизинде өнүгүшү.

**ПЛАНОМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое план негизинде болуучу, план менен иштелүүчү.

**ПЛАНТА'ТОР** *м.* плантатор (*колонияларда капиталисттик плантациянын ээси*).

**ПЛАНТА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **плантатор**-*го т.*; плантатордук.

**ПЛАНТАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **плантация**-*га т.*; плантациялык; **плантациóнный каучу́к** плантациялык (*плантациядан алынуучу*) каучук.

**ПЛАНТА'ЦИЯ** *ж.* плантация (1. *с.-х. өзгөчө багууну керек кылуучу маданий өсүмдүктөр эгилген атайы бир чоң участок жер*; 2. *колониялуу өлкөлөрдө кеңири түрдө өнүккөн, капиталисттик ири жер чарбасы*).

**ПЛАНШЕ'Т** *м.* планшет (1. *геод. бетине чертёждуу кагаз керилген тактай*; 2. *географиялык жана топографиялык карталарды салууга арналган жалпак сумка*; 3. *географиялык же геологиялык картанын бир бөлүгү*).

**ПЛАНШЕ'ТКА** *ж. уменьш. от* **планшéт** планшетка.

**ПЛАСТ** *м.* катмар, кабат; **пласт пóчвы** топурактын катмары; ◇ **лежáть пластóм (как пласт)** кыймылсыз жатуу.

**ПЛАСТА'ТЬ** *несов. что* (*потрошить рыбу*) ичин жарып, ичек-кардын алуу (*балыктын*).

**ПЛА'СТИКА** *ж.* пластика (1. *иск. кырып, оюп, жууруп чаптоо; скульптура искусствосу*; 2. *театр. бий сыяктуу чебер кооз кыймыл жасоо искусствосу*).

**ПЛАСТИЛИ'Н** *м.* пластилин (*атайын кошунду заттар аралаштырылган чопо*).

**ПЛАСТИЛИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **пластилин**-*ге т.*; пластилиндик.

**ПЛАСТИ'НА** *ж.* жалпак нерсе; **желéзная пластúна** жалпак темир.

**ПЛАСТИ'НКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **пластúна** кичине жалпак нерсе; 2. (*патефона*) пластинка (*патефон, граммофон табагы*); 3. *фото* пластинка (*фотография аппаратында жарык сезгич нерсе менен капталган төрт кырдуу айнек*).

**ПЛАСТИ'НОЧНЫЙ,** -ая, -ое **пластинка**-*га т.*; пластинкалуу; **пластúночный фотоаппарáт** пластинкалуу фотоаппарат.

**ПЛАСТИ'НЧАТЫЙ,** -ая, -ое тилке-тилке болгон, пластинкалардан туруучу; **пластúнчатые грибы́** асты тилке-тилке болгон козу карындар.

**ПЛАСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **пластика**-*га т.*; пластикалык; **пластúческие движéния** пластикалык кыймыл; 2. *мед.* пластикалык; **пластúческая оперáция** пластикалык операция (*дененин бир жеринен тери кесип алып, аны оорулуу жерине жамоо операциясы*); ◇ **пластúческая мáсса** пластикалык масса; *см.* **пластмáсса.**

**ПЛАСТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* 1. келишимдүүлүк, келбеттүүлүк (*кишилердин мүчөлөрүнүн формалары жана кыймылдары жөнүндө*); 2. (*плавность*) салмактуулук (*бир калыпталык*); 3. эпке келгичтик; сынбай, түрдүү формага өткүчтүк; ийилгичтик; **пластúчность раскалённого желéза** кызытылган темирдин эпке келгичтиги.

**ПЛАСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*гармоничный по форме*) келишимдүү, келбеттүү (*кишилердин мүчөлөрүнүн формалары жана кыймылдары жөнүндө*); 2. (*плавный*) салмактуу (*бир калыпта*); **пластúчный тáнец** салмактуу бий; 3. (*неломкий*) эпке келгич; сынбай, түрдүү формага өткүч; ийилгич; **пластúчные телá** *физ.* эпке келгич телолор; **пластúчный бетóн** *стр.* эпке келгич бетон.

**ПЛАСТМА'ССА** *ж.* (пластúческая мáсса) пластмасса (*бир формага келтирилгенде, ошол бойдон турма масса*); **издéлия из пластмáссы** пластмассадан жасалган буюмдар.

**ПЛАСТОВА'ТЬ** *несов. что* 1. (*накладывать что-л. пластами*) катмардоо, кабаттап коюу; 2. *см.* **пластáть.**

**ПЛАСТОВО'Й,** -áя, -óе катмардуу, кабатталган; **пластовóй у́голь** катмардуу көмүр; **пластовóе желéзо** кабатталган темир.

**ПЛА'СТЫРЬ** *м.* пластырь, малаам (*ооруган жерге басылуучу, бетине дары сыйпалган чүпүрөк*); **прило́жить плáстырь** пластырь (малаам) тартуу.

**ПЛА'ТА** *ж.* 1. акы; **производúть плáту** акы төлөө; **зáработная плáта** кызмат акы; **квартúрная плáта** үй акысы, квартира акысы; 2. *перен.* (*воздаяние*) акы, сый (*көбүнчө — мыскыл маанисинде*); **вот плáта за все вáши забóты** бардык камкордугуңуз үчүн мына сизге акы.

**ПЛАТА'Н** *м.* чынар.

**ПЛАТА'НОВЫЙ,** -ая, -ое **платан**-*га т.*; **платáновая рóща** чынар токою.

**ПЛАТЁЖ** *м.* 1. (*действие*) төлөө; 2. (*сумма*) төлөм, карыз, борч; ◇ **послáть налóженным платежóм** төлөп алмак кылып жиберүү (*адресаттын өзү посылканын баасын төлөп алуу шарты менен*); **долг платежóм крáсен** *посл.* алмактын бермеги бар.

www.bizdin.kg

**ПЛАТЁЖЕСПОСО'БНОСТЬ** *ж.* төлөөгө кудуреттүүлүк, төлөөгө жөндөмдүүлүк.

**ПЛАТЁЖЕСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое төлөөгө кудуреттүү, төлөөгө жөндөмдүү; **платёжеспосóбный покупáтель** төлөөгө жөндөмдүү сатып алуучу.

**ПЛАТЁЖНЫЙ,** -ая, -ое **платёж**-*го т.*; **платёжное обязáтельство** төлөө милдеттенмеси; **платёжная сíла дéнег** акчанын төлөө күчү.

**ПЛАТЕ'ЛЬЩИК** *м.* төлөөчү; **плательщик налóгов** налог төлөөчү.

**ПЛА'ТИНА** *ж.* платина, ак алтын

**ПЛАТИНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, хим., тех.* платина жабуу, платина жалатуу.

**ПЛА'ТИНОВЫЙ,** -ая, -ое **платина**-*га т.*; **плáтиновая рудá** платина рудасы; **плáтиновые издéлия** платинадан жасалган буюмдар.

**ПЛАТИ'ТЬ** *несов.* **1.** *что, чем* төлөө; **платúть налúчными** накта төлөө; **платúть долгú** карызын төлөө; **2.** *чем, перен.* акысын кайтаруу, эсесин чыгаруу; ◊ **платúть той же монéтой** өзүнүн салган кашыгын өзүнө салуу; өз табагын өзүнө тартуу.

**ПЛАТИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **поплатúться; 2.** *страд. к* **платúть.**

**ПЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*за плату*) акылуу, төлөнүүчү, төлөнмө, **плáтный вход** акы төлөп кирүү; **2.** (*получающий деньги, оплачиваемый*) акы алуучу, акы төлөнүүчү; **плáтный рабóтник** акы алуучу кызматкер; **плáтная дóлжность** акы төлөнүүчү кызмат.

**ПЛАТО'** *ср. нескл. геогр.* анча бийик эмес бөксө тоо, жалпак тоо, сырт.

**ПЛАТО'К** *м.* **1.** (*головной*) жоолук; **пухóвый платóк** зыбыт жоолук; **шёлковый платóк** жибек жоолук; **2.** (*носовой*) бет аарчы, жүз аарчы, кол жоолук.

**ПЛАТОНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое платонический, кургак (*практика жүзүндө эмес, идеяда гана, ойдо гана жашоочу*); **платонúческая любóвь** кургак сүйүү (*жакындык кылбастан эле сүйүү*).

**ПЛАТО'ЧЕК** *м. уменьш.* **1.** *от* **платóк** 1 кичинекей жоолук; **2.** *от* **платóк** 2 кичинекей жүз аарчы, кичинекей кол жоолук.

**ПЛАТФО'РМА** *ж.* платформа (**1.** *ж.-д. поезд келип токтоочу, рельс бойлото секиче кылып жасаган аянт*; **2.** *ж.-д. кичирээк гана темир жол станциясы*; **3.** *ж.-д. ачык, жалпак товар вагону*; **4.** *перен. кандайдыр бир партиянын, группанын саясий талаптарынын, кыймылдарынын программаларынын жана ишендирүүлөрүнүн системасы*).

**ПЛА'ТЬЕ** *ср.* **1.** кийим; **вéрхнее плáтье** тыш кийим; **мужскóе плáтье** эркектин кийими; **шкаф для плáтья** кийим салынуучу шкаф; **2.** (*женское*) көйнөк (*аялдын көйнөгү*); **лéтнее плáтье** жайкы көйнөк.

**ПЛАТЯНО'Й,** -áя, -óе **1.** (*для хранения платья*) кийим салуучу; **платянóй шкаф** кийим салуучу шкаф; **2.** (*для чистки платья*) кийим тазалагыч; **платянáя щётка** кийим тазалагыч щётка.

**ПЛАУ'Н** *м.* плаун (**1.** *бот. токойдо өсүүчү чөптүн бир түрү*; **2.** *с.-х. буласы жумшак, кыска жана ичке зыгырдын бир түрү*).

**ПЛАФО'Н** *м.* плафон (**1.** *архит. сүрөт менен же жабыштырылган жасалгалар менен кооздолгон потолок*; **2.** *потолоктогу лампа үчүн жасалган тегерек абажур*).

**ПЛАФО'ННЫЙ,** -ая, -ое **плафон**-*го т.*; плафондук; **плафóнная жúвопись** плафондук живопись (*кооздоп сүрөттөлгөн же кооз нерсе жабыштырылган*).

**ПЛА'ХА** *ж.* **1.** *обл.* (*обрубок дерева*) жыгач жаздык; **2.** *ист.* плаха (*эски убакта — өлүмгө өкүм кылынган кишинин башын кесе чабуу үчүн анын астына коюлуучу жыгач жаздык*); **3.** *перен.* (*смертная казнь*) өлүм жазасы.

**ПЛАЦ** *м. воен.* плац (*парад өткөрүлүүчү же аскер үйрөтүүчү аянт*); **учéбный плац** аскер ойноочу плац.

**ПЛАЦДА'РМ** *м.* плацдарм (**1.** *воен. согуштук-стратегиялык операциялар даярдалуучу жана башталуучу мейкиндик*; **2.** *полит. кандайдыр бир мамлекеттин башка мамлекетке кол салуу үчүн даярдык көрүүгө пайдалануучу территориясы*).

**ПЛАЦЕ'НТА** *ж. см.* **послéд.**

**ПЛАЦКА'РТА** *ж. ж.-д.* плацкарта (*темир жол билетине кошумча кылып берилүүчү, вагондун номери, орду көрсөтүлгөн кагаз*).

**ПЛАЦКА'РТНЫЙ,** -ая, -ое **плацкарта**-*га т.*; плацкарталуу; **плацкáртный вагóн** плацкарталуу вагон.

**ПЛАЧ** *м.* **1.** ыйлоо, ый; **грóмкий плач** эчкирип ыйлоо; **2.** *этн.* (*обрядовая песня*) кошок.

**ПЛАЧЕ'ВНОСТЬ** *ж.* **1.** боор оорурлук, аянычтуулук; **2.** *перен.* жамандык, начардык.

**ПЛАЧЕ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*жалобный*) боор оорурлук, аянычтуу; **плачéвный вид** аянычтуу түр; **2.** *перен.* жаман, начар; **плачéвный результáт** начар натыйжа.

**ПЛА'ЧУЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **плáкать; 2.** *прил.* ыйлагандай; **плáчущий гóлос** ыйлагандай үн.

**ПЛАШКО'УТ** *м. мор.* плашкоут (*палубасыз, мотосуз жалпак түптүү кеме*).

**ПЛАШМЯ'** *нареч.* жалпагынан; **он упáл плашмя́** ал жалпагынан жыгылды (*бети же аркасы менен*).

**ПЛАЩ** *м.* **1.** (*без рукавов*) плащ (*жеңсиз, жамынма сырт кийим*); **2.** (*непромокаемый*) плащ (*суу өткөрбөс сырт кийим*); **дождевóй плащ** жамгырга кийүүчү плащ.

**ПЛЕБЕ'Й** *м. ист.* плебей (*Байыркы Римде — жеке башы эркүү, бирок саясий жактан укуксуз төмөнкү таптын кишиси; орто кылымда жана андан кийин — шаардык кедей-кембагалдардын кеңири катмарынын өкүлү*).

**ПЛЕБИСЦИ'Т** *м. полит.* плебисцит, жалпы элден суроо (*өтө айрыкча маанилүү маселе боюнча жалпы элдин добуш бериши*).

**ПЛЕБИСЦИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **плебисцит**-*ке т.*; **плебисцúтное решéние вопрóса** маселени плебисцитмен чечүү.

**ПЛЕВА'** *ж.* жука чел, жука кабык.

**ПЛЕВА'ТЕЛЬНИЦА** *ж.* түкүргүч.

**ПЛЕВА'ТЬ** *несов.* **1.** түкүрүү; **2.** *на кого-что, перен. разг.* пыш дебөө, менсинбөө; **емý плевáть на всё** ал бардыгынан да пыш дебейт; ◊ **плевáть в потолóк** *разг.* бекер жатуу, эч нерсе иштебөө; **не плюй в колóдец — пригодúтся водьí напúться** *посл.* ичe турган ашыңа түкүрбө да какырба, кереги тиер башыңа.

**ПЛЕВА'ТЬСЯ** *несов. разг.* түкүрүнүү.

**ПЛЕ'ВЕЛ** *м. бот. уст.* отоо чөп.

**ПЛЕВО'К** *м.* түкүрүк, какырык.

**ПЛЕ'ВРА** *ж. анат.* плевра (*өпкөнүн сырткы кабы*).

**ПЛЕВРИ'Т** *м. мед.* плеврит (*өпкөнүн сырткы кабы сезгенип ооруу*).

**ПЛЕД** *м.* чоң шалы жоолук.

**ПЛЕЗИОЗА'ВР** *м. палеонт.* плезиозавр (*өлүп жок болуп кеткен, кичине баштуу, узун моюндуу, жоон денелүү деңиз кескелдириги*).

**ПЛЕМЕННО'Й,** -áя, -óе **1.** *ист.* уруулук; **племеннóй быт** уруулук турмуш; **2.** (*породистый*) асыл тукумдуу; **племеннóй скот** асыл тукумдуу мал; **племеннóй бык** асыл тукумдуу бука.

**ПЛЕ'МЯ** *ср.* **1.** *ист.* уруу, тукум, эл; **тюрксие племенá** түрк уруулары; **2.** *перен. уст.* (*народность*) улут; **3.** *перен.* (*поколение*) муун, жеткинчек; **комсомóльское плéмя** комсомолдук жеткинчектер.

**ПЛЕМЯ'ННИК** *м.* ини (*сын брата*); жээн (*сын сестры*).

**ПЛЕМЯ'ННИЦА** *ж.* карындаш (*дочь брата*); жээн (*дочь сестры*).

**ПЛЕН** *м.* туткун; **взять в плен** туткунга түшүрүп алуу; **быть в пленý** туткунда болуу; **попáсть в плен** туткунга түшүп калуу; **в пленý предрассýдков** *перен.* жок нерсеге ишенүүчүлүктүн, ырым-жырымдардын туткунунда болуу.

www.bizdin.kg

**ПЛЕНА'РНЫЙ,** -ая, -ое **пленум**-*га т.*; пленардык; **пленáрное заседáние** пленардык заседание.

**ПЛЕНИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* ашык кылуучулук, өзүнө тартуучулук, куштар кылуучулук, укмуштуу сонундук.

**ПЛЕНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ашык кылуучу, өзүнө тартуучу, куштар кылуучу, укмуштуу сонун; **пленúтельная красотá** ашык кылуучу сулуулук; **пленúтельный гóлос** өзүнө тартуучу үн.

**ПЛЕНИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. *уст.* (*взять в плен*) туткунга түшүрүү; 2. *перен.* (*очаровать*) ашык кылуу, куштар кылуу, өзүнө тартуу; **пленúть своúм краснорéчием** чечендиги менен өзүнө тартуу.

**ПЛЕНИ'ТЬСЯ** *сов. кем-чем* ашык болуу, куштар болуу; **я пленúлся её красотóй** анын сулуулугуна мен ашык болдум.

**ПЛЁНКА** *ж.* 1. (*кожица*) жука чел кабык; **рáна затянýлась тóнкой плёнкой** жара жука чел кабык менен каптalып калды; 2. (*тонкий слой чего-л.*) жука катмар, жука кабык; **тóнкая плёнка льда** муздун жука катмары; 3. *фото, кино* плёнка (*кино жана сүрөт тартууда колдонулуучу, жарык сезгич целлулоид*); 4. плёнка (*үндү жазууга жана кайрадан сүйлөтүүгө арналган целлулоид*); **записáть речь на плёнку** речти плёнкага жазуу.

**ПЛЕ'ННИК** *м. уст.* туткунга түшкөн, туткун.

**ПЛЕ'ННИЦА** *женск. р. к* **плéнник**.

**ПЛЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. туткун болгон, туткунга түшкөн; 2. *в знач. сущ. м., ж.* туткун; **захватúть мнóго плéнных** көп туткун түшүрүп алуу.

**ПЛЁНОЧНЫЙ,** -ая, -ое **плёнка**-*га т.*; плёнкалуу; **плёночный фотоаппарáт** плёнкалуу фотоаппарат.

**ПЛЕ'НУМ** *м.* пленум (*партиянын же коомдук уюмдун шайланган жетекчи органынын мүчөлөрүнүн толук составдуу жыйналышы*).

**ПЛЕНЯ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **пленúть;** 2. (*быть очаровательным*) өзүнө тарттыруу, жагымдуу болуу.

**ПЛЕНЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **пленúться.**

**ПЛЁС** *м.* 1. (*широкое водное пространство*) аралдардын арасындагы суунун же көлдүн жайык жери; 2. (*участок реки*) агын суунун эки имерилишинин аралыгы.

**ПЛЕ'СЕНЬ** *ж.* көк дат (*мис. нандын көгөргөнү*).

**ПЛЕСК** *м.* шарпылдоо; **плеск волнú** толкундун шарпылдаганы; **плеск вёсел** кайык калактарынын шарпылдаган үнү.

**ПЛЕСКА'ТЬ** *несов.* 1. шарпылдоо, шарпылдатуу; **вóлны плéщут о бéрег** толкундар жээкке урунуп шарпылдашат; 2. *на кого-что* (*брызгать*) сузуп чачуу, чачуу (*мис. сууну*); 3. *что* (*проливать*) төгүү (*мис. сууну*); **плескáть нá пол** полго төгүү; 4. *перен.* (*реять — о флаге*) желпилдөө, желпилдетүү, желбирөө, желбиретүү; **флáги плéщут** туулар желпилдешет.

**ПЛЕСКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*о жидкости*) шарпылдоо; **водá плéщется о бéрег** суу жээкке шарпылдап урунат; 2. чалпылдоо; **рыбка плéщется в водé** балык сууда чалпылдайт; 3. сузуп чачуу, чачуу; **дéти плéщутся в рекé** балдар өзөндө бири-бирине суу чачышат; 4. *перен.* (*реять — о флагах*) желбирөө, желпилдөө.

**ПЛЕ'СНЕВЕТЬ** *несов.* көк дат басуу, көгөрүп кетүү (*мис. нан*).

**ПЛЕСНЕВО'Й,** -áя, -óе **плесень**-*ге т.*

**ПЛЕСНУ'ТЬ** *однокр. что* 1. (*брызнуть*) сузуп чачып жиберүү, чачып жиберүү; 2. (*пролить*) төгүп жиберүү, төгүп коюу.

**ПЛЕСТИ'** *несов. что* 1. өрүү, согуу, эшүү; **плестú кружевá** кружева согуу (токуу); 2. *перен.* жүргүзүү, чаташтыруу, чатыштыруу; **плестú интрúгу** интрига жүргүзүү; 3. *перен. разг.* (*говорить несуразное*) сандырактоо, келжирөө; **плестú чушь** болбогон нерсени келжиреп айтуу.

**ПЛЕСТИ'СЬ** *несов.* 1. *страд. к* **плестú;** 2. *разг.* (*медленно идти*) илээлеп, сүйрөлүп басуу; ◇ **плестúсь в хвостé** *см.* **хвост.**

**ПЛЕТЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) өрүү, согуу, эшүү; 2. (*плетёное изделие*) өрүлгөн (согулган, эшилген) нерсе.

**ПЛЕТЁНЫЙ,** -ая, -ое согулган, сокмо, өрүлгөн, өрмө, өргөн, эшилген; **плетёная корзúна** сокмо (согулган) корзина.

**ПЛЕТЕ'НЬ** *м.* чырпыктан согуп жасалган тосмо.

**ПЛЁТКА** *ж.* кичине камчы.

**ПЛЕТЬ** *ж.* 1. (*кнут*) камчы; 2. (*стебель, ветка*) сабак; **арбýзная плеть** дарбыз сабагы.

**ПЛЕЧЕВО'Й,** -áя, -óе **плечо**-*го т.*; **плечевóй суставá** ийиндин мууну; **плечевáя кость** каржилик.

**ПЛЕ'ЧИКИ** *мн.* (*вешалка*) кийим илгич.

**ПЛЕ'ЧИКО** *ср.* 1. *уменьш. от* **плечó** ийин, ийинче; 2. плечико (*аялдардын же балдардын көйнөктөрүндө ийинден арта салынган тарткыч*).

**ПЛЕЧИ'СТЫЙ,** -ая, -ое далылуу; **плечúстый пáрень** далылуу жигит.

**ПЛЕЧО'** *ср.* 1. ийин; **нестú на плечé** *что-л.* бир нерсени ийинге көтөрүп басуу; **прáвое плечó вперёд!** (*команда*) оң ийин алга!; **пожимáть плечáми** ийинин куушуруу; **плечóм к плечý** катар туруу, жакын туруу, ийиндеш туруу; 2. *тех.* ийин (*рычагдын ийни*); ◇ **как горá с плеч свалúлась** ийинден тоону алып таштагандай (*бир оор иштен, убаракерчиликтен кутулуп, жеңиле түшкөндө*); **с плеч долóй** иш бүттү, эми кам жок; **с плечá** 1) (*наотмашь*) кыя чабуу (*мис. кылыч менен*); 2) *перен.* (*не подумав*) ойлонбостон, туш келди эле; **не по плечý** колдон келбейт; **мне э́та рабóта не по плечý** бул иш менин колумдан келбейт; **вы́нести на своúх плечáх** ишти өз мойнуна алып бүткөрүү; **нáдо имéть гóлову на плечáх** акыл-эс менен болуу керек, өз акылы өзүндө болуу керек; **имéть за плечáми** *что-л. разг.* бир нече жыл жашоо же иштөө (*аларды башынан өткөрүү*); **на плечáх протúвника** *воен.* качып бара жаткан душманды желкелеп (*жакын жүрүп, тындырбай*) кубалоо.

**ПЛЕШИ'ВЕТЬ** *несов.* кашка боло баштоо, кашка баш боло баштоо, башы кашкая баштоо.

**ПЛЕШИ'ВЫЙ,** -ая, -ое кашка баш.

**ПЛЕШИ'НА** *ж.* 1. *разг. см.* **плешь;** 2. (*на шерсти, мехе*) такыр (*теринин жүнү жок жери*).

**ПЛЕШЬ** *ж.* кашка (*баштын чачы түшкөн кашкасы*).

**ПЛЕЯ'ДА** *ж.* плеяда (*бир учурда жашаган ишмерлердин бир тобу*); **пýшкинская плеяда поэ́тов** акындардын Пушкиндин учурундагы плеядасы.

**ПЛИ** *межд.* ат! (*мылтык атууда берилүүчү команда*).

**ПЛИ'НТУС** *м. архит.* плинтус (1. *пол менен стенанын аралыгындагы жылчыктарды бүтөө үчүн жээктете бастырылган тар узун тактай*; 2. *мештин ж. б. нерселердин төмөн жагындагы кеңирээк болуп чыгып турган жери*).

**ПЛИС** *м.* плис (*пахтадан жасалган баркыт*).

**ПЛИ'СОВЫЙ,** -ая, -ое **плис**-*ке т.*

**ПЛИССЕ'** *ср. нескл.* плиссе (*кийимдеги үтүк менен басып жасалган майда бүктөмөлөр*).

**ПЛИССИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **плиссировáть;** 2. *прил.* плисселенген; **плиссирóванная ю́бка** плисселенген юбка.

**ПЛИССИРОВА'ТЬ** *несов.* **что** плисселөө, плиссе жасоо.

**ПЛИССИРО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) плисселөө, плиссе жасоо; 2. *см.* **плиссé.**

**ПЛИТА'** *ж.* 1. плита (*чоң жалпак текши таш же металл*); **мрáморная плитá** мрамор плита; 2. (*печь*) плита (*меш*).

**ПЛИ'ТКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **плита** 2 плитка, кичине меш; 2. плитка (*төрт бурчтуу кичинекей жалпак нерсе*); **шоколáдная плúтка** шоколад плиткасы; 3. (*электрическая*) плитка, электр плитка.

**ПЛИТНЯ'К** *м.* плитняк (*жерде акиташ же кумдак түрүндө катмар-катмар болуп жаткан, оңой плитка бо-*

www.bizdin.kg

*луп бөлүнүүчү нерсе; курулуш материалы катарында пайдаланылат*).

**ПЛИ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **плитка**-*га т.*; **пли́точный чай** таш чай.

**ПЛОВ** *м.* палоо.

**ПЛОВЕ'Ц** *м.* суута сүзгүч киши, сүзгүч.

**ПЛОД** *м.* 1. мөмө, жемиш; **съедо́бные плоды́** желүүчү мөмө (жемиш); 2. *биол.* түйүлдүк, урук; **пра́вильное разви́тие плода́** түйүлдүктүн туура өнүгүшү; 3. *перен.* жемиш, натыйжа, ийгилик; **вот плод мои́х трудо́в** мына менин эмгектеримдин жемиши; **плоды́ размышле́ний** ойлонуунун натыйжалары; ◇ **запре́тный плод** тыюу салынган мөмө (*тыюу салынган кызыктыргыч нерсе*).

**ПЛОДИ'ТЬ** *несов. кого-что* балалоо, төрөө, туудуруу (*детей*); төлдөтүп көбөйтүү (*животных*); тукумдатып көбөйтүү, уруктатып көбөйтүү (*растения*).

**ПЛОДИ'ТЬСЯ** *несов.* балалап көбөйүү; тукумдап көбөйүү.

**ПЛО'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*с плодом*) тукумдуу; уруктуу; **пло́дное яйцо́** уруктуу жумуртка; 2. (*способный давать плод*) тукумчул, тукум берүүчү; жемиштүү, жемиш берүүчү; **пло́дная я́блоня** жемиш берүүчү алма жыгачы.

**ПЛОДОВИ'ТОСТЬ** *ж.* 1. (*способность плодиться*) көп төрөй тургандык, тубагандык, көп төлдөй тургандык; 2. *перен.* көп чыгарма берүүчүлүк; **плодови́тость писа́теля** жазуучунун чыгарманы көп берүүчүлүгү.

**ПЛОДОВИ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. көп тууй турган, көп төрөй турган, тубаган (*о людях, животных*); жемиштүү, жемишти, мөмөнү көп берүүчү (*о растениях*); 2. *перен.* көп чыгарма берүүчү (*мис. жазуучу, акын*).

**ПЛОДОВО'ДСТВО** *ср.* жемиш өстүрүүчүлүк, мөмө өстүрүүчүлүк.

**ПЛОДОВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое жемиш өстүрүүчү, мөмө өстүрүүчү; **плодово́дческий совхо́з** жемиш (мөмө) өстүрүүчү совхоз.

**ПЛОДО'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. жемиштүү, жемиш берүүчү, мөмөлүү, мөмө берүүчү; **плодо́вые дере́вья** мөмөлүү бактар; 2. **плод** 1-*ге т.*; **плодо́вый са́хар** жемиштен (мөмөдөн) чыгарылуучу кант.

**ПЛОДОНО'ЖКА** *ж. бот.* жемиш сабагы.

**ПЛОДОНОСИ'ТЬ** *несов.* жемиш берүү, мөмө берүү; **э́та я́блоня плодоно́сит** бул алма жыгачы мөмө берет.

**ПЛОДОНО'СНОСТЬ** *ж.* жемиш бергичтик, жемишти көп бергичтик, мөмө бергичтик, мөмөнү көп бергичтик.

**ПЛОДОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое жемиштүү, мөмөлүү, жемишти (мөмөнү) көп берүүчү (*өсүмдүк жөнүндө*).

**ПЛОДОНОШЕ'НИЕ** *ср.* тукум берүү, тукумдоо (*о живых существах*); жемиш берүү, мөмө берүү (*о растениях*).

**ПЛОДООВОЩНО'Й,** -а́я, -о́е: **плодоовощно́й магази́н** жемиш-жашылча сатуучу магазин.

**ПЛОДОПИТО'МНИК** *м.* жемиш питомниги, мөмө питомниги.

**ПЛОДОРО'ДИЕ** *ср.* түшүмдү көп берүүчүлүк, семиздик (*жер жөнүндө*).

**ПЛОДОРО'ДНОСТЬ** *ж. см.* **плодоро́дие.**

**ПЛОДОРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое түшүмдү көп берүүчү; **плодоро́дная по́чва** түшүмдү көп берүүчү жер.

**ПЛОДОСБО'Р** *м.* жемиш жыйноо, мөмө жыйноо.

**ПЛОДОСУШИ'ЛКА** *ж.* жемиш кургаткыч (*мөмө, жемиш жана жашылча кургатуучу машина*).

**ПЛОДОСУШИ'ЛЬНЯ** *ж.* жемиш кургатылуучу жай.

**ПЛОДОТВО'РНО** *нареч.* жемиштүүлүк менен, ийгиликтүүлүк менен, натыйжалуулук менен.

**ПЛОДОТВО'РНОСТЬ** *ж.* жемиштүүлүк, ийгиликтүүлүк, натыйжалуулук.

**ПЛОДОТВО'РНЫЙ,** -ая, -ое жемиштүү, ийгиликтүү, натыйжалуу; **плодотво́рный труд** жемиштүү эмгек.

**ПЛОДОХРАНИ'ЛИЩЕ** *ср.* жемиш сакталуучу жай, мөмө сакталуучу жай.

**ПЛОИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*волосы*) тармалдоо (*чачты*); 2. (*материю*) каттоо (*мис. атайы кычкач менен кыпчытып, материяга кат-кат из салуу*).

**ПЛО'МБА** *ж.* пломба (1. *товарга, жабык вагонго, эшикке ж. б. асып коюучу, тамгалуу, топчудай коргошун*; 2. *оюлган тиштин чуңкуруна толтуруп коюлуучу нерсе*).

**ПЛОМБИ'Р** *м.* пломбир (*каймак, шоколад ж. б. нерселерден муздун үстүнө коюлуп тоңдурулган таттуу тамак*).

**ПЛОМБИРОВА'НИЕ** *ср.* пломбалоо, пломба коюу.

**ПЛОМБИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **пломбирова́ть;** 2. *прил.* пломбаланган, пломба салынган (*мис. товар*); 3. *прил.* пломба коюлган; **пломбиро́ванные зу́бы** пломба коюлган тиш.

**ПЛОМБИРОВА'ТЬ** *несов. что* 1. пломбалоо, пломба коюу, пломба салуу; **пломбирова́ть това́ры** товарларды пломбалоо; **пломбирова́ть ваго́н** вагонду пломбалоо; 2. пломбалоо, пломба коюу; **пломбирова́ть зу́бы** тишке пломба коюу.

**ПЛОМБИРО'ВКА** *ж.* пломбалап чыгуу, пломбалап бекитүү; **пломбиро́вка ваго́нов с гру́зом** жүк салынган вагондорду пломбалап чыгуу.

**ПЛОМБИРО'ВЩИК** *м.* пломба коюучу, пломбалоочу (*бир нерсеге пломба коюп туруучу жумушчу*).

**ПЛО'СКИЙ,** -ая, -ое 1. жалпак; **пло́ская кры́ша** жалпак чатырча; **пло́ская пове́рхность** үстү жалпак; 2. *перен.* маңызсыз, ыксыз; **пло́ская шу́тка** супсак тамаша сөз.

**ПЛОСКОГО'РЬЕ** *ср. геогр.* бөксө тоо.

**ПЛОСКОГРУ'ДЫЙ,** -ая, -ое жалпак көкүрөк, жалпак төш.

**ПЛОСКОГУ'БЦЫ** *только мн.* жалпак тиштүү кычкач.

**ПЛОСКОДО'НКА** *ж.* жалпак түп кайык.

**ПЛОСКОДО'ННЫЙ,** -ая, -ое жалпак түптүү.

**ПЛОСКОСТНО'Й,** -а́я, -о́е *мат.* тегиздик; **плоскостны́е измере́ния** тегиздик өлчөөлөр.

**ПЛОСКОСТО'ПИЕ** *ср. мед.* жалпак таман (*таман жалпайып кетүүчү бут оорусу*).

**ПЛО'СКОСТЬ** *ж.* 1. жалпактык; **пло́скость пове́рхности** *чего-л.* бир нерсенин үстүнүн жалпактыгы; 2. *мат.* тегиздик; **ли́ния на пло́скости** тегиздиктеги сызык; 3. *ав.* плоскость (*самолёт канаты*); 4. *перен.* (*плоская шутка*) маңызсыздык, одонолук, уят-сыйытсыздык, ыксыздык; **говори́ть пло́скости** супсак сөздү сүйлөө; ◇ **кати́ться по накло́нной пло́скости** абалы барган сайын төмөндөө; ылдыйлап, төмөндөп кетүү; тескери жолго түшүү; **на́до рассмотре́ть вопро́с в друго́й пло́скости** маселени башкачараак караш керек.

**ПЛОТ** *м.* сал (*суу менен агызылган устундар*).

**ПЛОТВА'** *ж.* плотва (*чабак балыктын бир түрү*).

**ПЛОТИ'НА** *ж.* плотина, көтөрмө; **деревя́нная плоти́на** жыгач плотина.

**ПЛО'ТНИК** *м.* жыгач устасы.

**ПЛО'ТНИЧАТЬ** *несов.* жыгач усталык кылуу, жыгачылык кылуу.

**ПЛО'ТНИЧЕСТВО** *ср.* жыгач устачылык.

**ПЛО'ТНИЧИЙ,** -ья, -ье **плотник**-*ке т.*; **пло́тничьи инструме́нты** жыгач устасынын шаймандары.

**ПЛО'ТНИЧНЫЙ,** -ая, -ое **плотничество**-*го т.*; **пло́тничные инструме́нты** жыгач устасынын шаймандары; **пло́тничные рабо́ты** жыгач устасынын жумуштары.

**ПЛО'ТНО** *нареч.* 1. тыгыз; **пло́тно утрамбова́ть грунт** грунтту тыгыз таптоо; 2. (*вплотную*) жакын, такай, таяп; **приста́вить шкаф пло́тно к стене́** шкафты стенага такай коюу; 3. (*наглухо*) бек, такай, тыгыз; **пло́тно закры́ть дверь** эшикти тыгыз жабуу; 4. *перен.* тоё; **я пло́тно пое́л** мен тоё жедим.

**ПЛО'ТНОСТЬ** *ж.* тыгыздык, жыштык, бышыктык; **пло́тность тка́ни** кездеменин тыгыздыгы.

www.bizdin.kg

**ПЛО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** тыгыз, нык, коюу; **плотная масса** коюу масса; **2.** (*толстый, прочный*) ийи майда, калың, тыгыз; **плотный шёлк** ийи майда жибек; **плотная бумага** калың кагаз; **3.** *разг.* (*коренастый*) москоол; **плотный мужчина** москоол эркек; **4.** *разг.* (*сытный*) ток; **плотный обед** ток обед.

**ПЛОТОВЩИ'К** *м.* сал агызуучу жумушчу.

**ПЛОТОГО'Н** *м.* аккан салдарды узатып жүрүүчү жумушчу.

**ПЛОТОЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жырткыч (*эт жечүү*); **плотоядный зверь** жырткыч айбан; **2.** *перен.* жеп жиберчүдөй; **плотоядный взгляд** жеп жиберчүдөй караш.

**ПЛОТЬ** *ж. уст.* дене, тен; ◇ **облечься в плоть и кровь** тигил же бул материалдык формага келүү.

**ПЛО'ХО 1.** *нареч.* жаман, начар; **плохо поступить** *с кем-л.* *бирөөгө* жамандык иш кылуу; **2.** *безл. в знач. сказ. кому-чему* жаман, начар; **ему плохо** ал жаман болуп жатат; ◇ **плохо лежит** *разг.* ачык жатат, ээн жатат; **кончить плохо** *разг.* түбү барып жаман болуу (*киши жөнүндө*).

**ПЛОХОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое жаманыраак, начарыраак, анча жакшы эмес.

**ПЛОХО'Й,** -áя, -óе **1.** жаман, начар; **плохое поведение** жаман жүрүш-туруш; **плохая погода** начар аба ырайы; **плохой признак** жаман белги; **2.** *кратк.ф. в знач сказ.* начар, жаман; **больной очень плох** оору кишинин абалы өтө начар; ◇ **на него плохая надежда** ага ишенүү кыйын; **с ним шутки плохи** *погов.* аны менен ойноого болбойт.

**ПЛО'ХОНЬКИЙ,** -ая, -ое *разг.* жаман, начар.

**ПЛОША'ТЬ** *несов. прост.* жаңылышуу, жарабаган иш кылуу; **смотри, не плошай!** көзүңө кара!, жаңылыштык кылба!

**ПЛО'ШКА** *ж.* **1.** *прост.* (*тарелка, блюдце*) жалпак табакча; **2.** (*для освещения*) чырак.

**ПЛОЩА'ДКА** *ж.* аянтча; **спортивная площадка** спорттук аянтча; **посадочная площадка** *ав.* конуучу аянтча (*мис. самолёт*); **лестничная площадка** тепкичтин бурулушундагы аянтча; ◇ **детская площадка** балдар аянтчасы.

**ПЛОЩАДНО'Й,** -áя, -óе одоно, адепсиз; **площадная брань** уят сөз, богооз сөз.

**ПЛО'ЩАДЬ** *ж.* **1.** *мат.* аянт, ачык жер; **площадь круга** тегеректин аянты; **2.** (*в городе*) аянт; **Красная площадь в Москве** Москвадагы Кызыл Аянт; **3.** аянт; **посевная площадь** айдоо аянты; **4.** (*помещение*) аянт; **жилая площадь** турак үй аянты; **полезная площадь** пайдалуу аянт; **площадь дома** үйдүн аянты.

**ПЛУГ** *м.* соко; **тракторный плуг** трактор сокосу; **конный плуг** ат соко.

**ПЛУТ** *м. разг.* алдамчы, айлакер, митаам, шум.

**ПЛУТА'ТЬ** *несов. разг.* адашуу, адашып кетүү, адашып жүрүү; **плутать по лесу** токойдо адашып жүрүү.

**ПЛУТИ'ШКА** *м. уменьш.-ласк. от* **плут** алдамчы, айлакер, митаам, шум.

**ПЛУ'ТНИ** *только мн*, *разг.* айлакердик, митаамдык, шумдук.

**ПЛУТОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое куу, кыйды.

**ПЛУТОВА'ТЬ** *несов. разг.* куулук кылуу, кыйдылык кылуу, будамайлоо; **плутовать в карты** карта ойноодо будамайлоо.

**ПЛУТО'ВКА** *женск. р. к* **плут.**

**ПЛУТОВСКО'Й,** -áя, -óе **1.** **плут**-*ка т.*; **плутовские манеры** митаамчылык ыкмалары; **2.** (*хитрый*) куу, арамы бар.

**ПЛУТОВСТВО'** *ср. разг.* митаамдык, амалкөйлүк, кыйдылык.

**ПЛУТОКРА'Т** *м.* плутократ (*капиталисттик өлкөлөрдө — өзүнүн байлыгы менен бийликке, таасирге ээ болгон киши*).

**ПЛУТОКРА'ТИЯ** *ж.* **1.** плутократия (*бийлик иш жүзүндө байларга — плутократтарга таандык болгон башкаруунун түрү*); **2.** *собир.* плутократтар.

**ПЛЫВУ'Н** *м.* жер кыртышынын суулуу чопо бөлүгү.

**ПОДМЕША'ТЬ** *сов. что, чего* кошуп аралаштыруу, аралаштыруу.

**ПОДМЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **подмеси́ть.**

**ПОДМЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **подмеша́ть.**

**ПОДМИ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **подмигну́ть.**

**ПОДМИГНУ'ТЬ** *сов. кому* көз ымдап коюу, көз кысып коюу.

**ПОДМИНА'ТЬ** *несов. см.* **подмя́ть.**

**ПОДМО'ГА** *ж. разг.* жардам, көмөк, кол кабыш; **идти́ на подмо́гу** жардамга баруу.

**ПОДМОКА'ТЬ** *несов. см.* **подмо́кнуть.**

**ПОДМО'КНУТЬ** *сов.* астынан бир аз суу өтүү (болуу), бир аз суу болуу.

**ПОДМОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **подморо́зить.**

**ПОДМОРО'ЗИТЬ** *сов.* 1. *что (дать подмерзнуть)* тоңдуруу, бир аз үшүтүп коюу, үшүтүп жиберүү; 2. *безл.* суук болуу; **сего́дня у́тром подморо́зило** бүгүн эртең менен суук болду.

**ПОДМОСКО'ВНЫЙ,** -ая, -ое Москванын астындагы, Москванын жанындагы; **подмоско́вная да́ча** Москванын астындагы дача, Москванын жанындагы дача.

**ПОДМОСТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* таш төшөп (*көчөнү, жолду*) оңдоо, кеңитүү.

**ПОДМО'СТКИ** *только мн.* 1. (*помост*) тактайдан жасаган секиче аянт; 2. *перен.* (*сцена*) подмостки, сахна аянты; **театра́льные подмо́стки** театрдын сахна аянты.

**ПОДМО'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **подмочи́ть;** 2. *прил. перен.* булганып калган; **челове́к с подмо́ченной репута́цией** *разг.* жаманатты болгон адам.

**ПОДМОЧИ'ТЬ** *сов. что* бир аз суу кылуу; бир аз нымдоо, бир аз чылоо.

**ПОДМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **подмы́ть;** ◇ **меня́ так и подмыва́ло сказа́ть об э́том** *разг.* муну айтып жиберейин деп араң эле калдым.

**ПОДМЫВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **подмы́ться.**

**ПОДМЫ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* ар кайсы жерин жууп коюу (*мис. баланын чурайын, колтугун*); **подмы́ть ребёнка** баланын ар кайсы жерин жууп коюу; 2. *что, разг.* (*наскоро вымыть*) жууп чыгуу; **подмы́ть пол** полду жууй салуу; 3. *что* (*размыть снизу*) астынан жеп кетүү, суу жеп кетүү; **тече́ние си́льно подмы́ло бе́рег** суунун агыны жээкти жеп кетти.

**ПОДМЫ'ТЬСЯ** *сов.* өзүнүн ар кайсы жерин жууш.

**ПОДМЫ'ШЕЧНЫЙ,** -ая, -ое *анат.* колтук астындагы.

**ПОД МЫ'ШКАМИ** колтукта, колтуктун астында; **пла́тье порвало́сь под мы́шками** көйнөктүн колтугу айрылды.

**ПОДМЫ'ШКИ** *мн.* колтук.

**ПОД МЫ'ШКОЙ** *см.* **под мы́шками.**

**ПОДМЯ'ТЬ** *сов. кого-что* жыгып үстүнөн басуу, тебелөө, басып калуу; **медве́дь подмя́л охо́тника** аюу мергенчини жыгып басып калды.

**ПОДНАДЗО'РНЫЙ,** -ая, -ое *офиц.* надзор астындагы, бийликтин көзөмөлдөөсү астындагы.

**ПОДНАЖА'ТЬ** *сов. на кого-что, разг.* кысмактоо, түртмөктөө, түртмөккө алуу.

**ПОДНАЖИМА'ТЬ** *несов. см.* **поднажа́ть.**

**ПОДНАЧА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое начальниктин кол алдындагы; **поднача́льный челове́к** начальниктин кол алдындагы адам.

**ПОДНЕБЕ'СЬЕ** *ср. поэт.* асман, көк; **орёл взлетёл в поднебе́сье** бүркүт асманга учуп чыкты.

**ПОДНЕВО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. *уст.* (*зависимый*) эрксиз, өзүнө өзү ээ эмес, көз каранды; **поднево́льный челове́к** көз каранды адам; 2. (*принудительный*) эрксиз, ыктыярсыз (*мис. эмгек*).

**ПОДНЕСТИ'** *сов.* 1. *кого-что* (*приблизить*) ташуу, жеткирүү, алып баруу, жакын алып баруу; **поднести́ ребёнка к окну́** баланы терезеге жакын алып баруу; 2. *что кому* (*угостить*) сунуу (*мис. конокко чай сунуу*); 3. *что кому* (*подарить*) тартуу кылып берүү, сый кылып берүү.

**ПОДНИМА'ТЬ** *несов. см.* **подня́ть.**

**ПОДНИМА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подня́ться;** 2. *страд. к* **поднима́ть.**

**ПОДНОВИ'ТЬ** *сов. что* жаңылоо, жаңы сыяктуу кылуу; **поднови́ть ста́рое пла́тье** эски көйнөктү жаңылоо, жаңы сыяктуу кылуу.

**ПОДНОВИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* жаңылануу, жаңы сыяктуу болуу.

**ПОДНОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **поднови́ть.**

**ПОДНОВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **поднови́ться;** 2. *страд. к* **подновля́ть.**

**ПОДНОГО'ТНАЯ** *ж.*: **я зна́ю всю его́ подного́тную** *разг.* мен аны ийнесинен жибине чейин билемин.

**ПОДНО'ЖИЕ** *ср.* 1. (*горы́*) этеги (*тоонун*); 2. (*пьедестал*) *бир нерсенин* төмөн жагы, түп жагы.

**ПОДНО'ЖКА** *ж.* 1. (*висячая ступенька*) тепкич, баскыч; **подно́жка авто́буса** автобустун тепкичи; 2. *разг.* (*удар ногой*) бутту тосо коюу (*жыгуу үчүн*); **дать** *кому-л.* **подно́жку** *бирөөгө* бутун тосо коюу; чалуу (*күрөштө*).

**ПОДНО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое: **подно́жный корм** жайыттагы чөп (от); мал өзү оттоочу от (чөп).

**ПОДНО'С** I *м.* (*действие*) ташуу, жеткирүү, алып баруу.

**ПОДНО'С** II *м.* поднос, батыныс; **самова́р стоя́л на подно́се** самовар батыныстын үстүндө турду.

**ПОДНОСИ'ТЬ** *несов. см.* **поднести́.**

**ПОДНО'СКА** *ж. см.* **подно́с** I.

**ПОДНО'СЧИК** *м.* ташып жеткирүүчү.

**ПОДНОШЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) сунуу, алып баруу, берүү; 2. (*подарок*) тартуу, сый, сыйлык; **получи́ть подноше́ние** тартуу алуу.

**ПОДНЫРНУ'ТЬ** *сов.* астына чумкуу (*мис. кайыктын астына*).

**ПОДНЯ'ТИЕ** *ср.* 1. көтөрүү, жогору (өйдө) көтөрүү; **подня́тие фла́га** желекти жогору көтөрүү; **подня́тие за́навеса** парданы көтөрүү; 2. жогорулоо, көтөрүлүү, өйдөлөө; **подня́тие у́ровня воды́** суунун деңгээлинин жогорулашы; 3. *перен.* (*повышение, увеличение*) жогорулатуу, көбөйтүү, көтөрүү; **подня́тие производи́тельности труда́** эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу.

**ПОДНЯ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*с земли, с полу*) көтөрүү, көтөрүп алуу, алуу; 2. *кого-что* (*перенести наверх*) көтөрүп чыгуу (баруу, жеткирүү); **подня́ть ве́щи на тре́тий эта́ж** буюмдарды үчүнчү этажга көтөрүп чыгуу; 3. *что* (*придать более высокое положение*) көтөрүү, жогору (өйдө) көтөрүү; **подня́ть го́лову** башты көтөрүү; **подня́ть за́навес** парданы көтөрүү; **подня́ть флаг** желекти көтөрүү; 4. *кого-что* (*придать стоячее положение*) тургузуу, көтөрүү; **подня́ть ло́шадь** атты өйдө тургузуу; 5. *что* (*сделать более высоким*) көтөрүү, жогорулатуу; **подня́ть у́ровень воды́** суунун деңгээлин көтөрүү; 6. *что, перен.* (*повысить, увеличить*)

www.bizdin.kg

жогорулатуу, көбөйтүү; **поднять производительность труда** эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу; **поднять требования** талапты жогорулатуу; 7. *что* (*наладить, улучшить*) жогорулатуу, жакшыртуу, оңоо, күчөтүү, көтөрүү; **поднять дисциплину** тартипти жакшыртуу; **поднять хозяйство** чарбаны көтөрүү; **поднять настроение** көңүлдү көтөрүү; 8. *кого-что, перен.* (*побудить к действию*) умтултуу; **поднять народы на защиту мира** элдерди тынчтыкты сактоого умтултуу; ◇ **поднять восстание** көтөрүлүш чыгаруу; **поднять тревогу** тревога көтөрүү; **поднять шум** чуу көтөрүү; **поднять вопрос** *о чём-л. бир нерсе жөнүндө* маселе коюу (козгоо); **поднять дело** *против кого-л. бирөөгө каршы* иш козгоо (көтөрүү); **поднять целину** дың айдоо; **поднять на высоту** бийиктикке көтөрүү; **поднять глаза** жогору (өйдө) кароо; **поднять голос** үнүн көтөрүү (*өз оюн чечкиндүү түрдө айтуу*); **поднять оружие** колго курал алып каршы чыгуу, колго курал алып согуш баштоо; **поднять паруса** парус көтөрүү; **поднять на смех** *кого-л. бирөөнү* шылдың кылуу.

**ПОДНЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. көтөрүлүү, жогору чыгуу, көтөрүлүп чыгуу; **подняться по лестнице** тепкич менен жогору чыгуу; **орёл поднялся под облака** бүркүт булутка чейин көтөрүлдү; **занавес поднялся** көшөгө көтөрүлдү; 2. (*встать*) туруу; **он поднялся с места** ал ордунан турду; 3. (*в уровне*) көтөрүлүү, өйдөлөө, жогорулоо; **вода в реке поднялась** өзөндөгү суу көтөрүлдү; **барометр поднялся** барометр көтөрүлдү; 4. *перен.* (*повыситься, увеличиться*) жогорулоо, өйдөлөө, көбөйүү, көтөрүлүү, артуу, күчөө; **производительность труда поднялась** эмгектин өндүрүмдүүлүгү жогорулады; **поднялся интерес** *к чему-л. бир нерсеге* кызыгуу күчөдү; 5. (*наладиться, улучшиться*) оңолуу, көтөрүлүү, жакшыруу, жайылуу; **торговля поднялась** соода жакшырды; **настроение поднялось** көңүл көтөрүлдү; 6. *перен.* (*восстать*) көтөрүлүү; **весь народ поднялся против захватчиков** баскынчыларга каршы бүткүл эл көтөрүлдү; 7. (*о тесте*) ачуу, көбүү, көтөрүлүү; 8. (*возникнуть*) көтөрүлүү, чыгуу, болуу; **поднялся сильный ветер** катуу шамал болду; **на улице поднялся шум** көчөдө чуу чыкты; ◇ **подняться с постели** 1) (*проснуться*) ойгонуп туруу, төшөктөн туруу; 2) (*после болезни*) оорудан айыгып туруу.

**ПОДО** *предлог см.* **под** II; **подо мной** менин астымда; **подо что** эмненин астына; **подо всем** бардыгынын астында; **подо льдом** муздун астында.

**ПОДО-** *приставка, «й»дин алдында жана үнсүздөрдүн кээ бир айкалыштарынын алдында «под»дун ордуна колдонулат; мис.* **подойду, подошли.**

**ПОДОБА'ТЬ** *несов. безл. кому-чему, с неопр.* ылайык келүү, жарашуу; **тебе не подобает говорить это** сенин минтип айтканың ылайык эмес.

**ПОДОБА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **подобать;** 2. *прил.* тиешелүү, ылайыктуу, жагдайга жараша; **подобающее положение** ылайыктуу абал; **подобающим образом** тиешелүү түрдө.

**ПОДО'БИЕ** *ср.* 1. окшогон, сөрөй, окшомуш болгон нерсе; 2. *мат.* окшоштук, кебетелештик (*геометрияда фигуралардын өлчөмү боюнча окшоштугу*); ◇ **по образу и подобию** *кого-чего-л. бирөөгө же бир нерсеге* окшоп же окшотуп; *бирөөгө же бир нерсеге* окшош болуп же окшош кылып, окшоштуруп.

**ПОДО'БЛАЧНЫЙ,** -ая, -ое булут астындагы.

**ПОДО'БНО** *нареч.* окшош, окшогон, сыяктуу, турпаттуу.

**ПОДО'БНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*сходный, похожий*) окшош, сыяктуу, кебетелеш, турпатташ; **происшествие, подобное этому было в прошлом году** ушул сыяктуу окуя былтыр да болду эле; 2. (*такой же, этот же*) сыяктуу, ушундай, ошондой, окшош; **он поступил подобным же образом** ал да дал ошондой кылды; 3. *мат.* окшош; **подобные треугольники** окшош үч бурчтуктар; ◇ **ничего подобного** андай эмес, такыр туура эмес; **и тому подобное (и. т. п.)** жана ушул сыяктуулар (ж. у. с.).

**ПОДОБОСТРА'СТИЕ** *ср.* бужүңдөө, бөйпөңдөө, кошөкөрлөнүү, жасакерденүү.

**ПОДОБОСТРА'СТНОСТЬ** *ж. см.* **подобострастие.**

**ПОДОБОСТРА'СТНЫЙ,** -ая, -ое бужүңдөгөн, бөйпөңдөгөн, жасакерденген.

**ПОДОБРА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*поднять, собрать*) жыйнап алуу; **подобрать рассыпанные вещи** чачылган буюмдарды жыйнап алуу; 2. *что* (*составить*) түзүп алуу, түзүү; **он подобрал себе хорошую библиотеку** ал өзүнө жакшы библиотека түзүп алды; 3. *что* (*оправить*) оңдоо, түзөтүү; **подобрать волосы** чачты оңдоо (жогору түрүп, жыйнап түзөтүү); 4. *кого-что* (*подыскать, выбрать*) тандоо, тандап алуу; **подобрать ключ к замку** кулпуга ачкыч тандап алуу.

**ПОДОБРА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*составиться*) жыйналуу, түзүлүү, чогултулуу, тандалып келүү; **у нас подобралась хорошая библиотека** биздин библиотекабыз жакшы китептерден түзүлдү; 2. *к кому* (*подкрасться*) өңүп баруу, билинбей аңдып баруу, билинбей уурданып баруу; **кошка подобралась к птичке** мышык чымчыктын жанына билинбей уурданып барды; 3. *разг.* (*подтянуться*) жыйнакталуу, тыкандалуу.

**ПОДОБРЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*стать добрее*) ак көңүлдүү болуп калуу; 2. *разг.* (*потолстеть*) семирүү, жооноюу.

**ПОДОБРУ'-ПОЗДОРО'ВУ** *нареч. разг.* аман-эсенинде, бирди көрө электе.

**ПОДО'ВЫЙ,** -ая, -ое 1.: **подовый кирпич** жалпак кирпич; 2. (*испечённый на поду*) подовый; **подовый хлеб** подовый нан (бөлкө).

**ПОДОГНА'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*пригнать*) айдап келүү, айдап жакындатуу; астына кубалап киргизүү (*загнать подо что-л.*); **подогнать скот к воротам** малды дарбазага айдап келүү; 2. *кого* (*подстегнуть*) кубалоо, чабуу, айдоо; 3. *кого, перен.* (*заставить поспешить*) шаштыруу; **подогнать отстающих** артта калгандарды шаштыруу; 4. *что* (*приладить*) эп келиштирүү, эбине келтирүү; **подогнать рамы к окнам** рамаларды терезеге эбин келиштирип коюу; 5. *что, перен. разг.* (*приурочить*) тушташ чыгаруу, туура келтирүү, тушташ келтирүүгө жетишүү.

**ПОДОГНУ'ТЬ** *сов. что* бүгүү, бүктөп коюу; **подогнуть край листа** барактын четин бүгүү; **подогнуть под себя ноги** бутту алдыга бүгүү (*мис. маңдаш токунуп олтуруу*).

**ПОДОГНУ'ТЬСЯ** *сов.* бүгүлүү, бүктөлүү; ◇ **ноги (колени) подогнулись** бут шилтөөгө келбей калды.

**ПОДОГРЕ'В** *м. тех. см.* **подогревание.**

**ПОДОГРЕВА'НИЕ** *ср.* ысытуу, жылытуу.

**ПОДОГРЕВА'ТЕЛЬ** *м. тех.* ысыткыч, жылыткыч (*бир нерсени жылытуу, ысытуу үчүн колдонулуучу прибор*).

**ПОДОГРЕВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ысыткыч, жылыткыч; **подогревательный прибор** жылыткыч прибор.

**ПОДОГРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **подогреть.**

**ПОДОГРЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подогреться;** 2. *страд. к* **подогревать.**

**ПОДОГРЕ'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **подогреть;** 2. *прил.* ысытылган, жылытылган; **подогретый суп** ысытылган сорпо.

**ПОДОГРЕ'ТЬ** *сов. что* ысытуу, жылытуу; **подогреть суп** сорпону жылытуу, сорпону ысытуу.

**ПОДОГРЕ'ТЬСЯ** *сов.* ысуу, жылуу, жылынуу; **суп уже подогрелся** сорпо ысып калды.

**ПОДОДВИГА'ТЬ** *несов. см.* **пододвинуть.**

**ПОДОДВИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пододвинуться;** 2. *страд. к* **пододвигать.**

**ПОДОДВИ'НУТЬ** *сов. что* жакындатып жылдыруу, жакыныраак жылдыруу; **пододвинуть стул к столу** стулду столго жакыныраак жылдыруу (жылдырып коюу).

www.bizdin.kg

**ПОДОДВИ'НУТЬСЯ** *сов.* жакыныраак отуруу, жакын отуруу; **пододвинуться ближе к лектору** лекторго жакын отуруу.

**ПОДОДЕЯ'ЛЬНИК** *м.* жуурканга көктөлгөн шейшеп.

**ПОДОЖДА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что, чего* күтүү, күтө туруу; **подождать поезда** поездди күтүү; 2. (*повременить*) токтоо, күтө туруу, токтой туруу, коё туруу; **подожди, я завтра узнаю и скажу** коё тур, мен эртең билейин, анан айтам.

**ПОДОЗВА'ТЬ** *сов. кого* жанына чакыруу.

**ПОДОЗРЕВА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **подозревать;** 2. *прил.* күмөн саналган, күнөмдүү, шектүү (*адам*).

**ПОДОЗРЕВА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* күмөн саноо, шек саноо, шек кылуу, шек алуу, ...деп шек кылуу; **подозревать** *кого-л.* **в обмане** *бирөөнү* алдап кетти деп шек саноо; 2. *с союзом «что», перен.* (*предполагать*) ойлоо, ой жоруу, ...деп ойлоо, ...деп шектенүү; **я подозреваю, что он заболел** ал ооруп калдыго деп шектенем.

**ПОДОЗРЕ'НИЕ** *ср.* шек, күмөн, шек кылуу, күмөн саноо; **неосновательное подозрение** жөнү жок шек кылуу.

**ПОДОЗРИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* 1. (*недоверчиво*) шектенип, күмөн санап; **он ко мне относится как-то подозрительно** ал мага кандайдыр шектенип мамиле кылат; 2. (*вызывая подозрения*) шектүү; **вести себя подозрительно** өзүн шектүү алып жүрүү.

**ПОДОЗРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*сомнительность*) шектүүлүк; 2. (*недоверчивость*) шектүүлүк, күмөн саноочулук, ишенбөөчүлүк.

**ПОДОЗРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*внушающий опасения, сомнительный*) шектүү; **подозрительный человек** шектүү адам; **подозрительное поведение** жүрүш-турушу шектүү; 2. (*недоверчивый*) шектенген, ишенбестик менен болгон; **подозрительное отношение** *к кому-л. бирөөгө* шектенип (ишенбестик менен) мамиле кылуу.

**ПОДОИ'ТЬ** *сов. кого* сааш, саап алуу, саап коюу; **подоить корову** уйду саап алуу.

**ПОДО'ЙНИК** *м.* сүт чакасы (*сүт саап ала турган идиш*).

**ПОДОЙТИ'** *сов.* 1. *к кому-чему* (*приблизиться*) жакындоо, жакындап баруу, жакындап келүү; **он подошёл к окну** ал терезеге жакындап барды; **сейчас подойдёт поезд** азыр поезд келет; **пароход подошёл к пристани** пароход пристанга келди; 2. *к чему, перен.* (*граничить*) астына кирүү, жакын келүү; **лес подошёл к самой дороге** токой жолго жакын келди; 3. *к чему, перен.* (*приняться за что-л.*) киришүү, жакындоо; 4. (*обнаружить своё отношение к кому-чему-л.*) мамиле кылуу, кароо; **уметь подойти к людям** адамдарга мамиле кыла билүү; **критически подойти** *к чему-л. бир нерсеге* сын көзү менен кароо; 5. *кому* (*быть годным*) туура келүү, жароо, жарактуу болуу; **такие условия нам подойдут** мындай шарттар бизге жарайт (бизге туура келет).

**ПОДОКО'ННИК** *м.* подоконник (*терезенин алдына төшөлгөн тактай*).

**ПОДО'Л** *м.* этек; **подол платья** көйнөктүн этеги.

**ПОДО'ЛГУ** *нареч.* далайга дейре, көпкө чейин; **он любил подолгу смотреть на море** көпкө чейин деңизди карап отурууну ал жакшы көрчү; **он подолгу жил в Москве** ал Москвада көпкө чейин турчу.

**ПОДОЛЬСТИ'ТЬСЯ** *сов. к кому, разг.* жагынуу, кошоокерлөнүү.

**ПОДОЛЬЩА'ТЬСЯ** *несов. см.* **подольститься.**

**ПО-ДОМА'ШНЕМУ** *нареч.* үйдөгүдөй, үйдө жүргөндөй; **она была одета по-домашнему** ал үйдө жүргөндөй кийинген (*көпчүлүккө чыкканда кийингендей эмес*).

**ПОДО'НКИ** *только мн.* 1. (*остатки жидкости*) саркынды, жук; 2. *перен. презр.* бузукулар, шумшуктөр.

**ПОДОПЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* опека алдындагы, опекага алынган, опекадагы; **подопечные лица** опекага алынган адамдар.

**ПОДОПЛЁКА** *ж.* 1. *обл.* (*подкладка у рубахи*) ийин ич; 2. *перен.* чыныгы себеп, жашырын сыр (себеп); **узнать подоплёку** *чего-л. бир нерсенин* жашырын сырын билүү.

**ПОДОПРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **подопреть.**

**ПОДОПРЕ'ТЬ** *сов.* нымдалышып кызып кетүү, чирүү, көгөрүү (*чөп, эгин*).

**ПОДО'ПЫТНЫЙ,** -ая, -ое тажрыйба кылынуучу; **подопытные животные** тажрыйба кылынуучу айбандар; **подопытное поле** тажрыйба талаасы.

**ПОДОРВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*разорвать снизу*) айруу, түбүнөн айруу; 2. (*взорвать*) жаруу, астынан жаруу, жарып жиберүү, жарып бузуу, кыйратуу; **подорвать мост** көпүрөнү жарып бузуу; 3. *перен.* кетирүү, түшүрүү, начарлантуу; **подорвать доверие** ишенимин кетирүү; **подорвать своё здоровье** өзүнүн ден соолугун начарлантуу; **подорвать** *чей-л.* **авторитет** *бирөөнүн* кадырын (беделин) кетирүү.

**ПОДОРОЖА'ТЬ** *сов.* кымбаттоо, баасы көтөрүлүү.

**ПОДОРО'ЖНАЯ** *ж. уст.* жол күбөлүгү, жол кат (*темир жол чыга электе — жол жүрүү үчүн белгилүү сандагы бекетчи аттарынан пайдаланууга жүргүнчүгө укук берүүчү официалдуу документ*).

**ПОДОРО'ЖНИК** *м. бот.* бака жалбырак.

**ПОДОРО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое жол боюндагы; **подорожный столб** жол боюндагы столб.

**ПОДОСА'ДОВАТЬ** *сов. на кого-что, разг.* бир аз өкүнүү, өкүнүч кылуу, ыза болуу, ызалануу.

**ПОДОСИ'НОВИК** *м. жей турган козу карындын бир түрү.*

**ПОДОСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* жиберүү (*астыртан жиберүү, тымызын бир максат менен жиберүү*).

**ПОДОСНО'ВА** *ж.* чыныгы, негизги себеби; **вскрыть подоснову** *чего-л. бир нерсенин* чыныгы, негизги сырын, себебин ачуу.

**ПОДОСПЕ'ТЬ** *сов. разг.* үлгүрүү, жетишүү, өз убагында (өз учурунда) болуу.

**ПОДОСТЛА'ТЬ** *сов. что* астына төшөө, астына салуу.

**ПОДОТДЕ'Л** *м.* бөлүмдүн алдындагы бир бөлүк.

**ПОДОТКНУ'ТЬ** *сов. что, разг.* кымтуу, астына кайрып коюу; **подоткнуть под больного края одеяла** оору адамдын астына жууркандын четтерин кымтып коюу.

**ПОДОТЧЁТНЫЙ,** -ая, -ое *бухг.* 1. (*о денежном авансе*) отчёт берме, эсеп берме (*расходдолгондон кийин ал жөнүндө эсеп берилүүчү, тийиштүү документтер менен отчёт берилүүчү аванс*); **подотчётная сумма** эсеп берме сумма; 2. (*обязанный отчётом*) отчёт берүүгө милдеттүү (*мис. адам*).

**ПОДО'ХНУТЬ** *сов.* өлүү (*айбан жөнүндө; одоно сүйлөгөндө адам жөнүндө да айтылат*).

**ПОДОХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое доходго карай, кирешеге карай, табышына карай, подоходдук; **подоходный налог** доходго (кирешеге) жараша алынуучу налог.

**ПОДО'ШВА** *ж.* 1. (*обуви*) таман; 2. (*ступня*) таман; 3. *тех.* таман (*бир нерсенин төмөнкү бети, мис. фундаменттин*); ◇ **подошва горы** тоо этеги.

**ПОДО'ШВЕННЫЙ,** -ая, -ое **подошва**-*га т.*; тамандык; **подошвенная кожа** тамандык булгаары.

**ПОДПАДА'ТЬ** *несов. см.* **подпасть.**

**ПОДПА'ИВАТЬ** I *несов. см.* **подпаять.**

**ПОДПА'ИВАТЬ** II *несов. см.* **подпоить.**

**ПОДПА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **подпалить.**

**ПОДПАЛИ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *см.* **поджечь** 1, 2; 2. *кого-что* (*опалить*) куйкалоо, куйкалап алуу.

**ПОДПА'РЫВАТЬ** *несов. см.* **подпороть.**

**ПОДПА'СОК** *м.* малчы бала (*жылкычы, уйчу, койчунун жардамчысы*).

**ПОДПА'СТЬ** *сов. подо что* түшүү, чалынуу, калуу; **подпасть под** *чьё-л.* **влияние** *бирөөнүн* таасирине түшүү.

**ПОДПАЯ'ТЬ** *сов. что* кандоо, ширетүү.

www.bizdin.kg

**ПОДПЕВА'ЛА** *м. и ж. разг. презр.* баракелдечи (*кошамат кылып, «сеники ырас» дей берүүчү*).

**ПОДПЕВА'ТЬ** *несов. кому что* 1. кошулуп, үн кошуп ырдоо; 2. *перен. презр.* кошамат кылып, «ырас» дей берүү; «ооба-ооба, баракелде» дей берүү.

**ПОДПЕРЕ'ТЬ** *сов. что чем* тиреп коюу, такап коюу, таянуу; **подперéть стéну кóльями** дубалды (тамды) тирөөчтөр менен тиреп коюу; **подперéть щёку рукóй** жаак таянуу.

**ПОДПЕРЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* тирелүү, такалуу.

**ПОДПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **подпилúть.**

**ПОДПИЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. тааруу, араалоо (*пилой*); өгөөлөө, өгөө (*напильником*); **подпилúть дéрево** жыгачты араалоо, түбүнөн тааруу; **он подпилúл гвóздик** ал мыкты өгөдү; 2. (*укоротить пилой*) араалап, таарып кыскартуу; **подпилúть нóжки стýла** стулдун бутун араалап кыскартуу.

**ПОДПИ'ЛОК** *м. см.* **напи́льник.**

**ПОДПИРА'ТЬ** *несов. см.* **подперéть.**

**ПОДПИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подперéться;** 2. *страд. к* **подпирáть.**

**ПОДПИСА'НИЕ** *ср.* кол коюу; **подписáние договóра** договорго кол коюу.

**ПОДПИСА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*подтвердить, заверить, поставить подпись*) кол коюу; **подписáть заявлéние** арызга кол коюу; **подписáть договóр** договорго кол коюу; 2. *что* (*приписать*) кошумчалап *же* астына жазуу; **он подписáл на конвéрте свой áдрес** ал конверттин төмөн жагына өзүнүн адресин жазды; 3. *кого-что* (*включить в число подписчиков*) жазуу, жазып коюу; **прошý подписáть меня́ на журнáл** мени журналга жазып коюшуңузду сураймын.

**ПОДПИСА'ТЬСЯ** *сов.* 1. *под чем* (*поставить свою подпись*) кол коюу; 2. *на что* жазылуу, **подписáться на заём** заёмго жазылуу.

**ПОДПИ'СКА** *ж.* 1. (*действие*) жазуу, жазылуу; **подпúска на газéты и журнáлы** газета жана журналдарга жазуу (жазылуу); 2. (*письменное обязательство*) подписка (*бир иш боюнча кат жүзүндө милдеттенме алуу же берүү*).

**ПОДПИСНО'Й,** -áя, -óе жазылма, жазылып ала турган; **подписнóе издáние** жазылып алына турган чыгарма китеп; ◊ **подписнóй лист** *уст.* жазылма баракча (*бирөөгө жардам кылып акча бергенде жазып, кол коё турган барак*).

**ПОДПИ'СЧИК** *м.* жазылуучу; **постоя́нный подпúсчик журнáла** журналга дайыма жазылуучу (*адам*).

**ПОДПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **подписáть.**

**ПОДПИ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подписáться;** 2. *страд. к* **подпúсывать.**

**ПО'ДПИСЬ** *ж.* 1. (*действие*) кол коюу; **отдáть бумáги на пóдпись** кагаздарды кол коюуга берүү; 2. кол; **постáвить свою́ пóдпись** өз колун коюу; **бумáга за пóдписью дирéктора** директордун колу коюлган кагаз; **неразбóрчивая пóдпись** даана эмес кол, окуй албай турган кол.

**ПОДПЛЕ'СНЕВЕТЬ** *сов. разг.* бир аз көгөрүү, көк дат басуу.

**ПОДПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **подплы́ть.**

**ПОДПЛЫ'ТЬ** *сов.* чабак уруп сүзүп келүү (баруу); **он подплы́л к лóдке** ал кайыкка чабак уруп сүзүп барды.

**ПОДПОИ'ТЬ** *сов. кого* ичирүү (*мас кыла ичирип коюу*).

**ПО'ДПОЛ** *м. обл. см.* **подвáл** 1.

**ПОДПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **подползтú.**

**ПОДПОЛЗТИ'** *сов.* 1. *к кому-чему* (*приблизиться ползком*) жөрмөлөп (сойлоп) боору менен жылып жакындоо; 2. *подо что* жөрмөлөп (сойлоп) астына кирүү (*мис. столдун астына*).

**ПОДПОЛКО'ВНИК** *м.* подполковник (*майор менен полковниктин ортосундагы офицердик чин*).

**ПОДПО'ЛЬЕ** *ср.* 1. (*подвал*) подвал, үйдүн асты; 2. *перен.* подполье (*өкмөттөн жашырын иштелүүчү иш*); **находúться в революциóнном подпóлье** революциялык подпольеде болуу.

**ПОДПО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **подполье**-*ге т.*; подполдук, жашырын; **подпóльная рабóта** подполдук иш, жашырын иш.

**ПОДПО'ЛЬЩИК** *м.* подпольщик (*подпольеде иштөөчү же иштеген адам*).

**ПОДПО'РА** *ж. см.* **подпóрка.**

**ПОДПО'РКА** *ж.* тирегич, тирөөч, таканчык.

**ПОДПО'РНЫЙ,** -ая, -ое тирегич, тирей турган; **подпóрный брус** тирегич устун.

**ПОДПОРО'ТЬ** *сов. что* сөгүү; **подпорóть подклáдку пальтó** пальтонун ичин сөгүү.

**ПОДПОРО'ТЬСЯ** *сов. разг.* сөгүлүү, сөгүлүп калуу; **воротни́к немнóго подпорóлся** жака бир аз сөгүлүп калыптыр.

**ПОДПОРУ'ЧИК** *м. воен. уст.* подпоручик (*эски падышалык армияда — прапорщик менен поручик чиндеринин ортосундагы офицердик чин*).

**ПОДПО'ЧВА** *ж. геол.* кыртыш асты, жердин асты.

**ПОДПО'ЧВЕННЫЙ,** -ая, -ое **подпочва**-*га т.*; кыртыш астындагы, жердин астындагы; **подпóчвенные вóды** жердин астындагы суулар.

**ПОДПОЯ'САТЬ** *сов. кого-что* кур курчоо, курчоо, курчап коюу.

**ПОДПОЯ'САТЬСЯ** *сов.* кур курчануу, курчануу.

**ПОДПОЯ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **подпоя́сать.**

**ПОДПОЯ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подпоя́саться;** 2. *страд. к* **подпоя́сывать.**

**ПОДПРА'ВИТЬ** *сов. что* бир аз түзөтүү, бир аз оңдоо.

**ПОДПРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **подпрáвить.**

**ПОДПРА'ПОРЩИК** *м. воен. уст.* подпрапорщик (*эски падышалык армияда — кенже начальстволук составдын эң жогорку наамы*).

**ПОДПРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **подопрéть.**

**ПОДПРУ'ГА** *ж.* басмайыл, олоң; **затянýть подпрýгу** басмайылды тартуу.

**ПОДПРЫ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **подпры́гнуть.**

**ПОДПРЫ'ГНУТЬ** *сов.* секирүү; **подпры́гнуть от рáдости** кубангандыктан секирүү.

**ПОДПРЯГА'ТЬ** *несов. см.* **подпря́чь.**

**ПОДПРЯ'ЧЬ** *сов. кого-что* жанына кошо чегүү (*мис. атты*).

**ПОДПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **подпустúть.**

**ПОДПУСТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*дать приблизиться*) коё берүү, жакын келтирүү; **охóтник подпустúл медвéдя поблúже** мергенчи аюуну өзүнө жакын келтирди; **подпустúть телёнка к корóве** музоону уйга коё берүү (музоону эмизүү); 2. *что, чего* (*прибавить*) кошуу, аралаштыруу; **подпустúть белúл в крáску** белиланы боёкко кошуу; ◊ **подпустúть шпúльку** какшык сөз айтуу, какшыктоо.

**ПОДРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **подрабóтать.**

**ПОДРАБО'ТАТЬ** *сов.* 1. *что* (*обработать*) даярдап иштеп чыгуу, иштеп аягына жеткирүү; **подрабóтать вопрóс** маселени даярдап иштеп чыгуу; 2. *что, чего, разг.* (*заработать дополнительно*) кошумча иштеп акча табуу.

**ПОДРА'ВНИВАТЬ** *несов. см.* **подровня́ть.**

**ПОДРА'ГИВАТЬ** *несов. разг.* бир аз титирөө, бир аз калтыроо, анда-санда титиреп (калтырап) коюу.

**ПОДРАЖА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) тууроо, окшоштуруп тууроо; 2. (*имитация*) окшоштуруп жасоо, туурап жазуу; **подражáние нарóдной скáзке** эл жомогун туурап жазуу, эл жомогуна ээрчип жазуу.

**ПОДРАЖА'ТЕЛЬ** *м.* тууроочу (*үндү, чыгарманы*).

**ПОДРАЖА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **подражáтель.**

**ПОДРАЖА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* тууроочулук, окшоштуруучулук.

**ПОДРАЖА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тууралган, окшогон; **подражáтельная литератýра** туурап, окшоштуруп жазылган адабият.

www.bizdin.kg

**ПОДРАЖА'ТЬ** *несов. кому-чему* тууроо, окшоштуруп тууроо; **подража́ть пе́нию птиц** куштардын сайраганын тууроо.

**ПОДРАЗДЕ'Л** *м.* бөлүмчө, кичинекей бөлүм.

**ПОДРАЗДЕЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) майдалап бөлүктөргө бөлүү; 2. (*часть, раздел*) бөлүк, бөлүм; 3. *воен.* подразделение (*бөлүктүн составындагы согуштук единица*); **стрелко́вое подразделе́ние** аткычтар подразделениеси.

**ПОДРАЗДЕЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* бөлүү, бөлүкчөлөргө бөлүү (*мис. статьяны эки параграфка*).

**ПОДРАЗДЕЛЯ'ТЬ** *несов. разг. см.* **подраздели́ть.**

**ПОДРАЗДЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. бөлүккө бөлүнүү, бөлүнүү; 2. *страд. к* **подразделя́ть.**

**ПОДРА'ЗНИВАТЬ** *несов. разг. см.* **подразни́ть.**

**ПОДРАЗНИ'ТЬ** *сов. кого* бир аз кыжырын кайнатуу, бир аз ачуулантуу.

**ПОДРАЗУМЕВА'ТЬ** *несов. кого-что* ...деп ойлоо, ...деп болжоо.

**ПОДРАЗУМЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*предполагаться*) божомолдолуу, ой жорулуу; 2. *страд. к* **подразумева́ть.**

**ПОДРА'МНИК** *м. жив.* подрамник, керме жыгач (*сүрөт тартууга кендир кездемени керип коё турган жыгач рамкалар*).

**ПОДРА'МОК** *м. см.* **подра́мник.**

**ПОДРА'НИТЬ** *сов. кого-что, охот.* жарадар кылуу (*мис. коёнду өлтүрбөй, жарадар кылуу*).

**ПОДРА'НОК** *м. охот.* жарадар болгон (*аң, куш*).

**ПОДРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **подрасти́.**

**ПОДРАСТА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **подраста́ть;** 2. *прил.* өсүп келе жаткан, өсүп жетилип келе жаткан, өспүрүм; **подраста́ющее поколе́ние** өспүрүмдөр, өсүп келе жаткан жаш муундар (жаштар).

**ПОДРАСТИ'** *сов.* өсүү, өсүп узаруу, чоңоюу; **за ле́то дере́вья заме́тно подросли́** жайдын ичинде жыгачтар бир топ өсүп калышты.

**ПОДРА'ТЬСЯ** *сов.* мушташуу, мушташып калуу, урушуу, урушуп калуу.

**ПОДРЕБЕРНЫЙ,** -ая, -ое *анат.* кабырга астындагы.

**ПОДРЕ'ЗАТЬ** *сов.* 1. *что* кесүү, кыркуу; **подре́зать во́лосы** чачты кыркуу; 2. *что, чего, разг.* (*нарезать добавочно*) кесе түшүү; **ну́жно ещё подре́зать хле́ба** нандан дагы кесе түшүү керек; ◇ **подре́зать кры́лья** *кому-л.* канат-куйругун кесүү; иштөөгө мүмкүндүк бербөө.

**ПОДРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **подре́зать.**

**ПОДРЕ'ЗКА** *ж.* кесүү, кыркуу, бутоо; **подре́зка фрукто́вых дере́вьев** жемиш жыгачтарын бутоо.

**ПОДРЕМА'ТЬ** *сов.* үргүлөө, бир аз тук этип алуу, куш үйку салуу.

**ПОДРИСОВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*нарисовать дополнительно*) кошумча тартуу (*сүрөттү*); 2. (*подправить*) анча-мынча оңдоп тартуу (*сүрөттү*).

**ПОДРИСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **подрисова́ть.**

**ПОДРО'БНО** *нареч.* майда-чүйдөсүнө чейин, эчтекесин калтырбай.

**ПОДРО'БНОСТЬ** *ж.* майда-чүйдө; **рассказа́ть во всех подро́бностях (со всéми подро́бностями)** бардык майда-чүйдөсү менен айтуу; **не вдава́ться в подро́бности** майда-чүйдөлөрүнө көңүл бурбоо, майда-чүйдөсүнө чейин териштирбөө.

**ПОДРО'БНЫЙ,** -ая, -ое толук, майда-чүйдөсүнө чейин, майда-чүйдөсү менен.

**ПОДРОВНЯ'ТЬ** *сов. что* тегиздөө, текшилөө (*бир аз оңдоо, бир аз түзөтүү*).

**ПОДРО'СТОК** *м.* жаш өспүрүм (*12 ден 17 жашка чейинки бала же кыз*).

**ПОДРУБА'ТЬ** *несов. см.* **подруби́ть.**

**ПОДРУБИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*укоротить*) кыскартуу; 2. (*подсечь, перерубить*) түбүнөн кыркуу, түбүнөн кесүү; **подруби́ть де́рево** жыгачты түбүнөн кесип жыгуу; 3. (*подшить*) четин бүгүп тигүү; **подруби́ть носовы́е платки́** кол жоолуктардын четин бүгүп тигүү.

**ПОДРУ'ГА** *ж.* теңтуш, жолдош (*аял, кыз*); ◇ **подру́га жи́зни** өмүрдүк жолдош (*аял*).

**ПО-ДРУГО'МУ** *нареч.* башкача.

**ПО-ДРУ'ЖЕСКИ** *нареч.* жолдоштук иретинде, достук иретинде, жолдош катарында; **по-дру́жески я сове́тую вам не де́лать э́того** мен сизге муну иштебеңиз деп жолдоштук иретинде кеңеш беремин.

**ПОДРУЖИ'ТЬСЯ** *сов. с кем* достошуу, көңүлү жакын болуу, ынак болуу, дос болуу.

**ПОДРУ'ЖКА** *ж. уменьш.-ласк. от* **подру́га** теңтуш, жолдош (*аял, кыз*).

**ПОДРУ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **подрули́ть.**

**ПОДРУЛИ'ТЬ** *сов. ав.* самолётту жер менен айдап келүү, самолётту жер менен алып келүү.

**ПОДРУМЯ'НИВАТЬ** *несов. см.* **подрумя́нить.**

**ПОДРУМЯ'НИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подрумя́ниться;** 2. *страд. к* **подрумя́нивать.**

**ПОДРУМЯ'НИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* кызартуу; **моро́з подрумя́нил де́тям щёки** суук балдардын беттерин кызартып жиберди; 2. *что* (*сделать поджаристым*) кызартуу, кызарта бышыруу.

**ПОДРУМЯ'НИТЬСЯ** *сов.* 1. (*румянами*) кызаруу, боёнуу, эндик сыйпануу, эндик жагынуу; 2. кызаруу, кызарып бышуу; **бу́лки хорошо́ подрумя́нились** бөлкөлөр жакшы кызарып бышты.

**ПОДРУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. эң керектүү, дайыма колдонулуучу; **подру́чный инструме́нт** керектүү, дайыма колдонулуучу инструмент; 2. *в знач. сущ. м.* (*помощник*) жардамчы, кол кабыш кылуучу; **у сле́саря дво́е подру́чных** слесардын эки жардамчысы бар.

**ПОДРЫ'В** *м.* 1. (*взрыв*) жаруу, астынан жаруу, жарып бузуу, кыйратуу; **подры́в скалы́** асканы жарып бузуу; 2. *перен.* кетирүү, түшүрүү, начарлантуу; **подры́в авторите́та** авторитетин кетирүү.

**ПОДРЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **подорва́ть.**

**ПОДРЫВА'ТЬ** II *несов. см.* **подры́ть.**

**ПОДРЫВНО'Й,** -ая, -ое 1. (*служащий для взрыва*) жара турган, жарма, жаруучу; **подрывно́й материа́л** жаруучу материал; 2. *перен.* бузгуч, бүлдүргүч.

**ПОДРЫ'ТЬ** *сов. что* астын, түбүн казуу; казып ачып салуу; **подры́ть де́рево** жыгачтын түбүн казуу.

**ПОДРЫ'ТЬСЯ** *сов. подо что* казып кирип кетүү (*мис. чычкан ж. б.*).

**ПОДРЫХЛИ'ТЬ** *сов. что* бир аз жумшартуу (*топуракты*).

**ПОДРЫХЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **подрыхли́ть.**

**ПОДРЯ'Д** I *м.* бөдрөт, бөдрөткө алуу.

**ПОДРЯ'Д** II *нареч.* катары менен, катарынан.

**ПОДРЯДИ'ТЬ** *сов. кого-что, прост.* убактылуу ишке жалдоо.

**ПОДРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **подряд** I-*ге т.*; **подря́дные рабо́ты** келишүү боюнча иштелүүчү иштер.

**ПОДРЯ'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **подрядчик**-*ке т.*

**ПОДРЯ'ДЧИК** *м. уст.* бөдрөтчү (*жалданууч адам же мекеме*).

**ПОДРЯЖА'ТЬ** *несов. см.* **подряди́ть.**

**ПОДСАДИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*помочь сесть*) отургузуу, мингизүү; **подсади́ть на ло́шадь** атка мингизүү; 2. *кого* (*посадить рядом, вместе*) кошо, катар отургузуу; жанына отургузуу; 3. *кого-что, чего* (*дополнительно*) кошумчалап тигүү; **подсади́ть цвето́в** гүлдөрдү кошумчалап тигүү.

**ПОДСА'ДКА** *ж.* кошумча тигүү (*өсүмдүктү*).

**ПОДСА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **подсади́ть.**

**ПОДСА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подсе́сть;** 2. *страд. к* **подса́живать.**

**ПОДСА'ЛИВАТЬ** I *несов. см.* **подсоли́ть.**

**ПОДСА'ЛИВАТЬ** II *несов. см.* **подса́лить.**

www.bizdin.kg

**ПОДСА'ЛИТЬ** *сов. что* май сыйпоо, бир аз май кошуу

**ПОДСА'ХАРИТЬ** *сов. что* бир аз кант кошуу, бир аз кант салуу.

**ПОДСВЕ'ЧНИК** *м.* шамдал (*мом шам кийгизгич*).

**ПОДСВИ'НОК** *м. с.-х.* торопой (*4 айдан 10 айга чейинки торопой*).

**ПОДСВИ'СТЫВАТЬ** *несов.* обонго ээрчип ышкыруу.

**ПОДСЕ'В** *м. с.-х.* 1. (*действие*) кошумча себүү, кошумча эгүү. 2. (*добавочно посеянное*) кошумча себилген, кошумча эгилген.

**ПОДСЕВА'ТЬ** *несов. см.* **подсе́ять.**

**ПОДСЕВНО'Й,** -а́я, -о́е *с.-х.* башка өсүмдүккө аралаштырып себилүүчү; **подсевна́я трава́** башка өсүмдүккө аралаштырып себилүүчү чөп.

**ПОДСЕДЕ'ЛЬНИК** *м.* басмайыл, олоң.

**ПОДСЕДЛА'ТЬ** *сов. кого-что, воен., спорт.* токуу, ээр токуу.

**ПОДСЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **подсе́ять.**

**ПОДСЕКА'ТЬ** *несов. см.* **подсе́чь.**

**ПОДСЕ'КЦИЯ** *ж.* секциянын бир бөлүмү.

**ПОДСЕМЕ'ЙСТВО** *ср. биол.* подсемейство, түркүмдүк (*жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн системасындагы — түркүмдүн бир бөлүгү болуп эсептелген топ*).

**ПОДСЕРДЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *анат., мед.* жүрөк астындагы, **бо́ли в подсерде́чной о́бласти** жүрөктүн астынын оорушу.

**ПОДСЕРЕБРИ'ТЬ** *сов. что* күмүш жалатуу, күмүштүн буусуна кармоо.

**ПОДСЕ'СТЬ** *сов.* жанына отуруу, жакын отуруу.

**ПОДСЕ'ЧКА** *ж.:* **подсе́чка ле́са** *с.-х.* токойдогу жыгачтарды кесип, жерди эгин айдоого даярдоо системасы.

**ПОДСЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **подсе́чная систе́ма земледе́лия** *с.-х* токоюн кыркып тазалап эгин айдоо.

**ПОДСЕ'ЧЬ** *сов. что* 1. (*вырубить*) кыркуу, кесүү; 2. (*подрезать*) түбүнөн кесүү; 3. (*дёрнуть удочку*) кайырмакты булкуп тартып алуу (*кайырмакка балык илинер замат*).

**ПОДСЕ'ЯТЬ** *сов. что, чего* кошумча себүү, кошумча эгүү.

**ПОДСИДЕ'ТЬ** *сов. кого* 1. *охот.* (*подстеречь*) өңүү, аңдып отуруу; 2. *перен. разг.* артынан аңдып жүрүү.

**ПОДСИ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **подсиде́ть.**

**ПОДСИ'НИВАТЬ** *несов. см.* **подсини́ть.**

**ПОДСИНИ'ТЬ** *сов. что* синкелөө, синкеге салуу; **подсини́ть бельё** кирлерди синкеге салуу.

**ПОДСКА'БЛИВАТЬ** *несов. см.* **подскобли́ть.**

**ПОДСКАЗА'ТЬ** *сов. что кому* 1. шыбырап айтуу, шыбырап айтып туруу; 2. *перен.* (*навести на мысль*) ой туудуруу, пикир туудуруу, бир ойго келүүгө түрткү болуу; **слу́чай подсказа́л ему́ пра́вильное реше́ние** окуя ага туура чечүү пикирин туудурду.

**ПОДСКА'ЗКА** *ж.* шыбырап айтып берүү.

**ПОДСКА'ЗЧИК** *м. разг.* шыбырап айтып туруучу.

**ПОДСКА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **подсказа́ть.**

**ПОДСКАКА'ТЬ** *сов. к кому-чему* чаап келүү, чаап жетүү

**ПОДСКА'КИВАТЬ** I *несов. см.* **подскака́ть.**

**ПОДСКА'КИВАТЬ** II *несов. см.* **подскочи́ть.**

**ПОДСКОБЛИ'ТЬ** *сов. что* кырып салуу, кырып жоготуу, кыруу; **подскобли́ть кля́ксу** сыя тамган такты кырып жоготуу.

**ПОДСКОЧИ'ТЬ** *сов.* 1. (*подпрыгнуть*) секирүү, секирип туруу; **он подскочи́л от ра́дости** ал кубанганынан тим эле секирип ордунан тура калды; 2. (*быстро подбежать*) өтө тез чуркап баруу (келүү); **подскочи́ть к окну́** чуркап терезенин жанына баруу; 3. *перен. разг.* тез көтөрүлүү, тез жогорулоо, тез көтөрүлө түшүү; **температу́ра у больно́го подскочи́ла** оору кишинин температурасы тез эле көтөрүлө түштү.

**ПОДСЛАСТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* таттуу кылуу; **подсласти́ть чай** чайды таттуу кылуу, чайга кант татытуу.

**ПОДСЛА'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **подсласти́ть.**

**ПОДСЛЕ'ДСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое *юр.* иши тергөөдөгү (*адам*).

**ПОДСЛЕПОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое чала сокур, сокур чалыш, көзү жакшы көрбөгөн адам.

**ПОДСЛУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **подслужи́ться.**

**ПОДСЛУЖИ'ТЬСЯ** *сов. к кому, неодобр.* жасакерденип жагынуу, көшөкөрлөнүп жагынуу.

**ПОДСЛУ'ШАТЬ** *сов. кого-что* жашырынып туруп тыңшоо, аңдып сөз тыңшоо; **подслу́шать** *чей-л.* **разгово́р** *бирөөлөрдүн* сүйлөшкөнүн жашырынып туруп тыңшоо.

**ПОДСЛУ'ШИВАНИЕ** *ср.* жашырынып туруп сөз угуу.

**ПОДСЛУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **подслу́шать.**

**ПОДСМА'ТРИВАНИЕ** *ср.* жашырынып туруп кароо.

**ПОДСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **подсмотре́ть.**

**ПОДСМЕ'ИВАТЬСЯ** *несов. над кем-чем* шылдыңдоо, шылдың кылуу, тамашалоо.

**ПОДСМОТРЕ'ТЬ** *сов. кого-что* байкап коюу, аңдып жүрүү, артынан көз салып жүрүү.

**ПОДСНЕ'ЖНИК** *м. бот.* бай чечекей.

**ПОДСНЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое кар астындагы; **подсне́жный лёд** кар астындагы муз.

**ПОДСОБИ'ТЬ** *сов. кому, разг.* жардам кылуу, кол кабыш кылуу.

**ПОДСОБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **подсоби́ть.**

**ПОДСО'БНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*вспомогательный*) жардамчы, көмөкчү, кошумча; **подсо́бные рабо́чие** жардамчы жумушчулар; **подсо́бное хозя́йство** көмөк чарба; 2. (*второстепенный*) кошумча, экинчи катардагы; **подсо́бный за́работок** кошумча иштеп тапкан акча.

**ПОДСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **подсу́нуть.**

**ПОДСОЗНА'ТЕЛЬНО** *нареч.* аңдан тышкары, сокур сезим менен.

**ПОДСОЗНА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* аңдан тышкарылык, сокур сезим менен болгондук.

**ПОДСОЗНА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое аңдан тышкары, сокур сезим менен болгон.

**ПОДСОЛИ'ТЬ** *сов. что* бир аз туз салуу, азыраак туздоо; **подсоли́ть суп** сорпого бир аз туз салуу.

**ПОДСО'ЛНЕЧНИК** *м. бот.* күн карама, күн багыш.

**ПОДСО'ЛНЕЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. **подсолнух**-*ка т.*; **подсо́лнечное ма́сло** күн карама майы; 2. (*находящийся под солнцем*) күн тийген; **подсо́лнечная сторона́** күн тийген тарап, күнгөй.

**ПОДСО'ЛНУХ** *м. разг.* 1. *см.* **подсо́лнечник;** 2. (*семечки*) чемичке, семишке.

**ПОДСО'СНЫЙ,** -ая, -ое *с.-х.* эмизүүчү; **подсо́сная кобы́ла** кулундуу бээ, кулунун эмизип жүргөн бээ.

**ПОДСО'СОК** *м. с.-х.* эмизүүдөн жаңы чыгарылган жаш мал (*музоо, жабагы, козу ж. б.*).

**ПОДСО'ХНУТЬ** *сов.* 1. (*стать суше*) кургай баштоо, тоборсуу, кургоо; **на у́лице уже́ подсо́хло** көчө тоборсуп калды; 2. *разг.* (*начать заживать*) картганып айыга баштоо; **ра́на подсо́хла** жара картганып айыга баштады.

**ПОДСПО'РЬЕ** *ср. разг.* жардам, кол кабыш.

**ПОДСПУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* пайдалануусуз жаткан, катып коюлган, тышка чыгарылбаган, аракетсиз жаткан.

**ПОДСТА'ВА** *ж. уст.* ылоо ат (*алыска чыкканда алмаштыруу үчүн жолдо даяр болуп турган ат*).

**ПОДСТА'ВИТЬ** *сов.* 1. *что* астына тосуу, астына коюу, тосуп коюу; **подста́вить ведро́ под струю́ воды́** чаканы суу агып жаткан жерге тосуп коюу; **подста́вить но́жку** *кому-л.* 1) бутун тосо коюу (*жыгуу үчүн*); 2) *перен.* жама́ндык, зыян кылуу максаты менен жолто кылуу; 2. *что* (*установить*) жөлөп (тосуп тиреп) коюу; **подста́вить подпо́рку к де́реву** жыгачты тирөөч менен тиреп коюу; 3. *что* (*придвинуть*) жылдырып коюу, жакындатып коюу; **подста́вить ле́стницу**

www.bizdin.kg

*зить*) атайлап бурмалоо; **подтасова́ть фа́кты** фактыларды атайлап бурмалоо.

**ПОДТАСО'ВКА** *ж.* **1.** карталарды аралаштырганда, арам ой менен, керектүүлөрүн өзүнө коюп алуу; **2.** *перен.* (*извращение*) атайлап бурмалоо.

**ПОДТАСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **подтасова́ть.**

**ПОДТАЧА'ТЬ** *сов. что* (*сапоги*) каюу, кайып тигүү.

**ПОДТА'ЧИВАТЬ** I *несов. см.* **подтача́ть.**

**ПОДТА'ЧИВАТЬ** II *несов. см.* **подточи́ть** II.

**ПОДТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что* көтөрүп (сүйрөп) жакын алып келүү.

**ПОДТА'ЯТЬ** *сов.* **1.** (*растаять*) эрүү, асты эрүү, бир аз эрүү; **2.** (*растопиться*) бир аз күйүп эрип куюлуу; **свеча́ подта́яла** шам күйүп эрип куюлду.

**ПОДТВЕРДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тууралыгын ырастоочу, аныктоочу.

**ПОДТВЕРДИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*признать правильность*) тууралыгын ырастоо, аныктоо, бекемдөө, чын деп айтуу; **2.** (*удостоверить*) билдирүү, күбө болуу, күбөлөндүрүү; **получе́ние моего́ письма́ прошу́ подтверди́ть** менин катымды алгандыгыңыз жөнүндө мага билдирүүңүздү суранамын.

**ПОДТВЕРДИ'ТЬСЯ** *сов.* туура болуу, ырасталуу, аныкталуу, чындыкка чыгуу; **его́ предположе́ния подтверди́лись** анын божомолдоосу туура чыкты.

**ПОДТВЕРЖДА'ТЬ** *несов. см.* **подтверди́ть.**

**ПОДТВЕРЖДА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **подтверди́ться; 2.** *страд. к* **подтвержда́ть.**

**ПОДТВЕРЖДЕ'НИЕ** *ср.* далилдөө, аныктоо, чын (ырас) деп айтуу; **в подтвержде́ние ска́занного он привёл приме́ры** айтылгандардын чын экенин далилдөө үчүн ал мисалдар келтирди.

**ПОДТЁК** *м.* көгөрүү, көк (*бир нерсе тийгенден, ургандан*).

**ПОДТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **подте́чь.**

**ПОДТЁЛОК** *м. обл.* торпок (*бир жашар музоо*).

**ПОДТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* сүртүү, аарчып сүртүү.

**ПОДТЕСА'ТЬ** *сов. что* жонуп жылмалоо (*балта менен*); **подтеса́ть бревно́** устунду жонуп жылмалоо.

**ПОДТЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **подтеса́ть.**

**ПОДТЕ'ЧЬ** *сов.* **1.** (*подо что-л.*) астына тамчылап агуу; **2.** *разг.* (*припухнуть*) бир аз шишүү, шиший түшүү.

**ПОДТИРА'ТЬ** *несов. см.* **подтере́ть.**

**ПОДТОЛКНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*слегка толкнуть*) акырын түртүү, кичине түртүү, түртүп коюу; **2.** *кого, перен. разг.* (*побудить к чему-л.*) түрткү болуу, түрткү берүү.

**ПОДТОПИ'ТЬ** I *сов. что* (*истопить немного*) от жагуу, от жагып ысытуу, от жагып жылытуу; **подтопи́ть печь** мешке от жагуу, мешти бир аз жагып коюу.

**ПОДТОПИ'ТЬ** II *сов. что, чего* (*растопить ещё*) эрите түшүү; **подтопи́ть са́ла** майды эрите түшүү.

**ПОДТОЧИ'ТЬ** I *сов. что* (*сделать острым*) кайроо, курчутуу, курчута түшүү, учтоо, учтураак кылуу; **подточи́ть нож** бычакты курчутуу; **подточи́ть каранда́ш** карандашты учтоо.

**ПОДТОЧИ'ТЬ** II *сов.* **1.** *что* (*повредить разъедая*) жеп зыян кылуу; **моль подточи́ла шерсть** жүндү күбө жеп коюптур; **2.** *что* (*размыть*) жеп кетүү; **река́ подточи́ла бе́рег** суу жээкти жеп кетти; **3.** *кого, перен.* жабыктыруу, алынан тайгызуу, алсыратуу; **боле́знь подточи́ла его́** аны оору жабыктырып койду.

**ПОДТРО'ПИКИ** *только мн. см.* **субтро́пики.**

**ПОДТРОПИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **субтропи́ческий.**

**ПОДТРУ'НИВАНИЕ** *ср.* тийишүү, шылдыңдоо, шылдың кылып тамашалап күлүү.

**ПОДТРУ'НИВАТЬ** *несов. см.* **подтруни́ть.**

**ПОДТРУНИ'ТЬ** *сов. над кем-чем* тийишүү, шылдыңдоо, шылдың кылып тамашалап күлүү.

**ПОДТУШЕВА'ТЬ** *сов. что* сүрөттү тушь менен карартуу, карартып сүрөткө көлөкө түшүрүү.

**ПОДТУШЁВКА** *ж.* сүрөттү тушь менен карартуу, сүрөткө көлөкө түшүрүү.

**ПОДТУШЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **подтушева́ть.**

**ПОДТЫКА'ТЬ** *несов. см.* **подоткну́ть.**

**ПОДТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **подтяну́ть.**

**ПОДТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **подтяну́ться; 2.** *страд. к* **подтя́гивать.**

**ПОДТЯ'ЖКИ** *только мн.* подтяжки (*шым тарткыч, арчындиган кур*).

**ПОДТЯ'НУТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **подтяну́ть; 2.** *прил.* (*опрятный*) тыкан, тың, жыйнак.

**ПОДТЯНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*затянуть потуже*) бек тартуу; катуу тартуу, катуу кыса тартуу (*натянуть крепче*); **подтяну́ть реме́нь** курду бек тартуу; **подтяну́ть кана́т** арканды катуу тартуу; **2.** *кого-что* (*подтащить*) тартып (сүйрөтүп) жакындатуу; **подтяну́ть ло́дку к бе́регу** кайыкты тартып жээкке жакындатуу; **3.** *кого-что, воен.* (*собрать в одно место*) бир жерге топтоо; **4.** *кого-что, перен.* сүрөө, сүрөп жеткирүү, сүрөмөлөө, оңдоо; **подтяну́ть отстаю́щих** арттагыларды сүрөп жеткирүү; **подтяну́ть дисципли́ну** тартипти оңдоо; **5.** (*запеть с другими*) кошулуп (ээрчип) ырдоо, үн кошуп ырдоо.

**ПОДТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*приблизиться*) жакындоо; **суда́ подтяну́лись к бе́регу** кемелер жээкке жакындашты; **2.** *воен.* (*сосредоточиться*) чогултулуу, топтолуу; **войска́ подтяну́лись к грани́це** войсколор чек арага топтолду; **3.** *спорт.* асылып көтөрүлүү, тартылып көтөрүлүү; **подтяну́ться на турнике́** турникке асылып көтөрүлүү; **4.** *перен. разг.* теңелүү (*алдыңкыларга*).

**ПОДУ'МАТЬ** *сов.* **1.** (*некоторое время*) ойлонуу, ойлонуп көрүү; **я поду́маю, пото́м отве́чу вам** мен ойлонуп көрөйүн да, анан сизге жооп берейин; **2.** (*вообразить*) ойлоо; **я не могу́ да́же поду́мать об э́том** бул жөнүндө мен ойлой да албаймын; ◇ **поду́маешь!** (*для выражения иронии, насмешки*) көрсөң муну!, муну карасаң!, карачы кыйындыгын!; **поду́маешь, како́й у́мник!** көрсөң, мунун акылдуулугун!; **поду́майте то́лько!** *или* **поду́мать то́лько!** (*при выражении удивления*) карасаң!, капырай!; **поду́майте то́лько, как мно́го он зна́ет!** муну карацызчы, абдан көп билет!; **поду́мать то́лько, ско́лько он путеше́ствовал!** карачы, анын канчалык жер кезип саякат кылганын байкап кой!; **и не поду́маю!** *разг.* ойдо да жок!

**ПОДУ'МЫВАТЬ** *несов. разг.* ойлонуу, ойлоно баштоо, ой жоруу, ойлоп көрүү; **что вы поду́мываете де́лать ве́чером?** сиз кечинде эмне иш кылганы жатасыз?

**ПО-ДУРА'ЦКИ** *нареч. разг.* акмактай, акмактарча.

**ПОДУРА'ЧИТЬ** *сов. кого, разг.* акмак кылып тамашалоо.

**ПОДУРА'ЧИТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*некоторое время*) шайкелеңденип жүрүү; **2.** *над кем* (*позабавиться*) акмак кылып тамашалоо.

**ПОДУРИ'ТЬ** *сов. см.* **подура́читься** 1.

**ПОДУРНЕ'ТЬ** *сов.* сынынан (кебетесинен) кетүү, өңү бузулуу.

**ПОДУ'ТЬ** *сов.* **1.** (*начать дуть*) сого баштоо, жүрө баштоо; **к ве́черу похолода́ло и поду́л ве́тер** кечке жуук суук болуп, шамал сого баштады; **2.** (*некоторое время*) үйлөө; **поду́ть на чай** чайды үйлөө.

**ПОДУЧА'ТЬ** *несов. разг. см.* **подучи́ть** 3.

**ПОДУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **подучи́ть.**

**ПОДУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **подучи́ться; 2.** *страд. к* **поду́чивать.**

**ПОДУЧИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* (*обучить*) окутуу, үйрөтүү; **его́ на́до немно́го подучи́ть** аны бир аз окутуу (үйрөтүү) керек; **2.** *что* (*заучить получше*) дагы бир аз бышыктоо (*мис. сабакты*); **3.** *кого с неопр.* (*подговорить*) тымызын үйрөтүп коюу.

**ПОДУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* үйрөнүү, окуу.

www.bizdin.kg

**ПОДУ'ШЕЧКА** *ж. уменьш. от* **подушка** кичине жаздык, жаздыкча, кичине балыш.

**ПОДУШИ'ТЬ** I *сов. кого, разг.* (*задушить всех*) муунтуп өлтүрүү, муунтуп кырып салуу.

**ПОДУШИ'ТЬ** II *сов. кого-что* (*духами*) атыр куюу.

**ПОДУШИ'ТЬСЯ** *сов.* атыр куюнуу.

**ПОДУ'ШКА** *ж.* жаздык, балыш; **пуховая подушка** мамык жаздык, куш жаздык.

**ПОДУ'ШНЫЙ**, -ая, -ое жан башы; **подушная подать** *ист.* жан башынан алынуучу салык.

**ПОДХАЛИ'М** *м. разг.* кошоматчы, көшөкөр, жасакер.

**ПОДХАЛИ'МНИЧАТЬ** *несов. разг.* кошомат кылуу, жасакерденүү, көшөкөрлөнүү.

**ПОДХАЛИ'МСКИЙ**, -ая, -ое *разг.* кошоматчы, жасакер, көшөкөр.

**ПОДХАЛИ'МСТВО** *ср. разг.* кошоматчылык, жасакерчилик, көшөкөрчүлүк.

**ПОДХАЛИ'МСТВОВАТЬ** *несов. см.* **подхалимничать.**

**ПОДХВАТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*поднять*) алуу, ала коюу; **подхватить чемодан** чемоданды ала коюу; 2. *что* (*схватить на лету*) илип кетүү, илип ала коюу, тосуп алуу; 3. *что, перен. разг.* (*получить, приобрести*) кабылуу, чалдыгуу, урунуу; **подхватить грипп** грипп оорусуна чалдыгуу; 4. *что* (*начать подпевать*) ырга кошулуу; **один запел, остальные подхватили** бирөө баштады эле, калгандары кошулуп ырдашты; 5. *что, перен.* (*поддержать*) колдоп улантуу, кошулуп улантып кетүү; **подхватить инициативу масс** массанын демилгесин колдоп улантып кетүү; 6. *что, перен.* (*воспользоваться чем-л.*) илип алуу, илип ала коюу; **подхватить чужую мысль** башка бирөөнүн оюн (пикирин) илип алуу.

**ПОДХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **подхватить.**

**ПОДХВО'СТНИК** *м.* куюшкан.

**ПОДХЛЕСТНУ'ТЬ** *сов. кого* чаап жиберүү, тартып жиберүү; **подхлестнуть лошадь** атты чаап жиберүү.

**ПОДХЛЁСТЫВАТЬ** *несов.* 1. *см.* **подхлестнуть;** 2. *кого, перен. разг.* түрткү берүү, түрткүлөө, шаштыруу.

**ПОДХО'Д** *м.* 1. (*приближение*) жакындоо, берилеп келүү; 2. (*место*) кире берген жер, кире бериш; **болотистый подход к реке** өзөнгө кире берген жери саздак; 3. *перен.* (*умение подойти*) мамиле кылуу, мамиле; **у него правильный подход к делу** анын ишке мамилеси туура; **подход к людям** адамдарга мамиле кылуу.

**ПОДХОДИ'ТЬ** *несов. см.* **подойти;** ◇ **подходить к концу** аяктоо, бүтүп баратуу.

**ПОДХОДЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **подходить;** 2. *прил.* (*удобный*) ылайыктуу, ыңгайлуу, жарай турган, туура келе турган, туура келүүчү; **подходящий момент** ыңгайлуу учур; **подходящее помещение** ылайыктуу үй.

**ПОДХОМУ'ТНИК** *м.* каамыт астындагы кийиз.

**ПОДЦЕПИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*прицепить, зацепить*) чиркеп коюу, илип коюу; **подцепить вагон к поезду** вагонду поездге чиркеп коюу; 2. *перен. разг.* (*приобрести*) кабылуу, чалдыгуу; **подцепить грипп** грипп оорусуна чалдыгуу.

**ПОДЦЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **подцепить.**

**ПОДЧА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **подчалить.**

**ПОДЧА'ЛИТЬ** *сов.* (*стать на причал*) келип токтоо; **пароход подчалил к пристани** пароход келип пристанга токтоду.

**ПОДЧА'С** *нареч. разг.* кай бир кезде, кээ бир убакта, кээде.

**ПОДЧА'СОК** *м. воен.* подчасок (*часовойдун жанында турган жардамчысы*).

**ПОДЧЕЛЮСТНО'Й**, -а́я, -о́е *анат.* жаак асты; **подчелюстная железа** жаак астындагы без (*тамак бези*).

**ПОДЧЕРЕПНО'Й**, -а́я, -о́е *анат.* баш сөөктүн ичиндеги.

**ПОДЧЁРКИВАНИЕ** *ср.* 1. сызуу, сызып коюу, астын сызуу; 2. *перен.* айрыкча көңүл берүү, бөтөнчө белгилөө, айрыкча белгилөө.

**ПОДЧЁРКИВАТЬ** *несов. см.* **подчеркнуть.**

**ПОДЧЁРКНУТЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **подчеркнуть;** 2. *прил. перен.* (*заметный, особенный*) айрыкча белгиленген.

**ПОДЧЕРКНУ'ТЬ** *сов. что* 1. сызуу, сызып коюу, астын сызуу; 2. *перен.* (*особо выделить, обратить внимание*) айрыкча көңүл буруу, бөтөнчө белгилөө, айрыкча белгилөө.

**ПОДЧЕРНИ'ТЬ** *сов. что* карартуу, карартып боёо; **подчернить брови** кашты карартып боёо.

**ПОДЧИНЕ'НИЕ** *ср.* 1. багындыруу, баш ийдирүү, моюн сундуруу, карамагына өткөрүү; багынуу, баш ийүү, моюн сунуу, карамагына өтүү, кол астында болуу; **быть в подчинении** *у кого-л.* бирөөнүн кол астында болуу; 2. *грам.* багынуу.

**ПОДЧИНЁННОСТЬ** *ж.* баш ийүүчүлүк, моюн сунуучулук, кол астында болуучулук.

**ПОДЧИНЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **подчинить;** 2. *в знач. сущ. м., ж.* кол астындагы, карамагындагы.

**ПОДЧИНИ'ТЬ** *сов. кого-что кому-чему* багындыруу, баш ийдирүү, моюн сундуруу, карамагына өткөрүү.

**ПОДЧИНИ'ТЬСЯ** *сов. кому-чему* багынуу, баш ийүү, моюн сунуу, карамагына өтүү, таасирине кирүү; **подчиниться приказу** приказга моюн сунуу.

**ПОДЧИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **подчинить.**

**ПОДЧИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **подчиниться;** 2. *страд. к* **подчинять.**

**ПОДЧИ'СТИТЬ** *сов. что* 1. (*вычистить*) тазалоо; **подчистить пальто** пальтону тазалоо; 2. (*соскоблить написанное*) кырып өчүрүү (*мис. маки менен же резинке менен жазууну*); 3. (*срезать сухие ветки, побеги и пр.*) тазалоо, кыйып тазалоо, бутап тазалоо.

**ПОДЧИ'СТКА** *ж.* 1. (*написанного*) кырып өчүрүү (*жазууну*); 2. (*напр. деревьев*) тазалоо, кыйып тазалоо, бутап тазалоо (*жыгачты*).

**ПОДЧИСТУ'Ю** *нареч. прост.* таптакыр, тыптыйпыл, эч нерсе калтырбай, таптаза кылып; **съесть всё подчистую** таптакыр калтырбай жеп коюу.

**ПОДЧИЩА'ТЬ** *несов. см.* **подчистить.**

**ПОДШЁРСТОК** *м.* тыбыт (*жүндүн тыбыты*).

**ПОДШЕ'ФНЫЙ**, -ая, -ое шефке алынган; **подшефная школа** шефке алынган мектеп.

**ПОДШИБА'ТЬ** *несов. см.* **подшибить.**

**ПОДШИБИ'ТЬ** *сов. разг.* 1. *что* (*подбить*) уруп алуу; **подшибить глаз** көзүн уруп алуу; 2. *кого-что* (*сбить*) атып (согуп, уруп) түшүрүү, майып кылуу, атып жаралуу кылуу; **подшибить неприятельский самолёт** душмандын самолётун атып түшүрүү.

**ПОДШИВА'ТЬ** *несов. см.* **подшить.**

**ПОДШИ'ВКА** *ж.* 1. тамандоо, таман салуу, таш таман урдуруу; **отдать сапоги в подшивку** өтүктү тамандатуу; 2. (*напр. газет*) көктөө (*мис. газеталарды, документтерди*).

**ПОДШИ'ПНИК** *м. тех.* подшипник; **шариковый подшипник** шариктүү подшипник.

**ПОДШИ'ПНИКОВЫЙ**, -ая, -ое **подшипник**-*ке т.*; подшипниктик.

**ПОДШИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*пришить*) көктөө, кошо тигүү, жамоо; 2. (*подрубить*) четин бүгүү, бүгүп тигүү; **подшить носовые платки** кол жоолуктун четин бүгүп тигүү; 3. (*починить*) тамандоо, таш таман урдуруу; **подшить сапоги** өтүктү тамандоо, өтүккө таш таман урдуруу; 4. (*скрепить*) көктөө, көктөп тигип коюу; **подшить протокол к делу** протоколду делого көктөп тигип коюу.

**ПОДШПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **подшпилить.**

**ПОДШПИ'ЛИТЬ** *сов. что, разг.* шпилька менен сайып бекитүү; **подшпилить волосы** чачты шпилька менен сайып бекитүү.

**ПОДШТА'ННИКИ** *только мн. прост.* дамбал, ыштан.

**ПОДШТО'ПАТЬ** *сов. что* тордоо, тордоп жамоо.

www.bizdin.kg

**ПОДШТО'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **подштóпать.**

**ПОДШТУКАТУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **подштукатýрить.**

**ПОДШТУКАТУ'РИТЬ** *сов. что* штукатуркалоо, штукатуркасын оңдоо, оңдоп шыбоо.

**ПОДШУТИ'ТЬ** *сов. над кем-чем* тамашалоо, ойноо, тамаша кылуу, шылдың кылуу; **подшутúть над прия́телем** досун тамашалап шылдыңдоо; **зло подшутúть** *над кем-л. бирөөнү* табалап шылдың кылуу.

**ПОДШУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **подшутúть.**

**ПОДЪЕДА'ТЬ** *несов. см.* **подъéсть.**

**ПОДЪЕ'ЗД** *м.* 1. (*действие*) келип кирүү, келип жетүү, жакындап келүү, жакындап баруу, алдына жакын келүү, алдына жакын баруу; 2. (*путь к чему-л.*) келип кирүүчү жол; **хорóший подъéзд к рекé** өзөнгө келип кирүүчү жакшы жол (жер); 3. (*вход в здание*) үйгө кирүүчү эшик; **пара́дный подъéзд** көчө жактан кирүүчү чоң, негизги эшик.

**ПОДЪЕЗДНО'Й,** -áя, -óе: **подъездны́е путú** *ж.-д.* чоң жолго кошулуучу жол тармактары.

**ПОДЪЕЗЖА'ТЬ** *несов. см.* **подъéхать.**

**ПОДЪЁМ** *м.* 1. көтөрүү; **подъём фла́га** желекти көтөрүү; **подъём тя́жести** оордукту көтөрүү; 2. (*уровня*) жогорулатуу, көтөрүлүш, жогорулаш, өйдөлөтүү, көтөрүү; **подъём воды́ в рекé** өзөндөгү суунун деңгээлинин көтөрүлүшү; 3. (*восхождение*) чыгуу; **во врéмя подъёма нá гору** тоого чыккан кезде; 4. (*об участке дороги*) өр, өр жер; 5. (*ноги*) буттун үстү, буттун жону; 6. (*рост, развитие*) жогорулоо, жогорулаш, көтөрүлүү; **послевоéнный подъём нарóдного хозя́йства** эл чарбасынын согуштан кийинки жогорулашы; **подъём культýры** маданияттын жогорулашы; 7. (*побудка*) уйкудан ойготуп тургузуу; 8. (*воодушевление*) көңүл көтөрүлүү, куунактык; **арти́сты игрáли с подъёмом** артисттер көңүлдөрү көтөрүңкү ойношту; ◇ **тяжёл на подъём** *разг.* оор, ордунан жылмагы азап; ыкшоо неме (*адам*); **лёгок на подъём** *разг.* чапчаң, сергек, тез ойлогон (*адам*).

**ПОДЪЁМНИК** *м. тех.* подъёмник, көтөргүч (*оор салмактуу нерселерди көтөрүүчү механизм*).

**ПОДЪЁМНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*служащий для подъёма*) подъёмный, көтөргүч; **подъёмный кран** подъёмный (көтөргүч) кран; 2. (*такой, который поднимается*) көтөрүлмө; **подъёмный мост** көтөрүлмө көпүрө; 3. *в знач. сущ.* **подъёмные** *мн.* (*деньги*) подъёмный акча (*жаңыдан иштей турган жерине көчүп баруу үчүн берилүүчү акча*); **получи́ть подъёмные** подъёмный акча алуу.

**ПОДЪЕ'СТЬ** *сов. что* 1. (*разъесть снизу*) астынан жеш, түбүнөн жеш (*жеп тешүү, жеп оюу*); 2. *разг.* (*съесть без остатка*) баардыгын жеп коюу; **дéти подъéли все сла́дости** таттуунун баарын балдар жеп коюшту.

**ПОДЪЕ'ХАТЬ** *сов.* 1. *к кому-чему* (*приблизиться*) жакындап келүү, жакындап баруу, алдына жакын келүү, жакын баруу; **автомоби́ль подъéхал к вокза́лу** автомобиль вокзалга жакын келип токтоду; 2. *к кому, разг.* (*заехать*) бара кетүү, келе кетүү; **я к тебé за́втра подъéду** эртең мен сага бара кетем; 3. *к кому-чему, перен. разг.* эптеп айласын таап көндүрүү; **с какóй бы стороны́ к немý подъéхать?** аны кандай айла менен эпке келтирүүгө болот?

**ПОДЪЯЗЫ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *анат.* тил астындагы; **подъязы́чная железá** тил астындагы без.

**ПОДЬЯРЕ'МНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* кулдуктагы, эрксиз (*адам*).

**ПОДЫГРА'ТЬСЯ** *сов. к кому-чему, разг.* арамзалык менен *бирөөгө* жагынуу.

**ПОДЫ'ГРЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **подыгрáться.**

**ПОДЫМА'ТЬ** *несов. разг. см.* **поднимáть.**

**ПОДЫМА'ТЬСЯ** *несов. разг. см.* **поднимáться.**

**ПОДЫСКА'ТЬ** *сов. кого-что* табуу, издөө; **подыскáть литератýру к доклáду** докладга адабияттарды табуу; **подыскáть нýжного рабóтника** керектүү кызматкер табуу.

**ПОДЫ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **подыскáть.**

**ПОДЫТО'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **подытóжить.**

**ПОДЫТО'ЖИТЬ** *сов. что* жыйынтыктоо, жыйынтыгын чыгаруу; **подытóжить расхóды** расходдордун жыйынтыгын чыгаруу.

**ПОДЫХА'ТЬ** *несов. см.* **подóхнуть.**

**ПОДЫША'ТЬ** *сов.* дем алып келүү, аба жутуу; **подышáть свéжим вóздухом** таза аба жутуп келүү.

**ПОДЬЯ'ЧИЙ** *м. ист.* подьячий (*Москва Русунун убагында — катчы, мекемедеги иш башкаруучу дьяктын жардамчысы*).

**ПОЕДА'ТЬ** *несов. см.* **поéсть** 2.

**ПОЕДИ'НОК** *м.* 1. (*дуэль*) жекеме-жеке күрөш, сайыш, атышуу; жекеме-жеке күрөшүү (*борьба*); **вы́звать на поедúнок** жекеме-жеке чакыруу; 2. *перен.* (*спор, диспут*) айтышуу; **словéсный поедúнок** жекеме-жеке айтышуу.

**ПОЕДО'М** *нареч.:* **есть поедóм** *разг.* жемелеп күн көрсөтпөө.

**ПОЁЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **поёжиться.**

**ПОЁЖИТЬСЯ** *сов.* түктөйүү, үрпүйүү, чүрүшүү; **поёжиться от хóлода** суукстан үшүп чүрүшүү.

**ПО'ЕЗД** *м.* поезд; **скóрый пóезд** тез жүрүүчү поезд; **курьéрский пóезд** курьерский поезд; **пассажи́рский пóезд** пассажир поезди; **товáрный пóезд** товар ташуучу поезд; **почтóвый пóезд** почта ташуучу поезд; **при́городный пóезд** шаардын айланасында жүрүүчү поезд; **пóезд дáльнего слéдования** алыска жүрүүчү поезд; **санитáрный пóезд** санитардык поезд; **пóезд на Фрýнзе** Фрунзеге баруучу поезд; ◇ **свáдебный пóезд** *уст.* үйлөнүү тою убагында ага катышкандар түшкөн арабалар.

**ПОЕ'ЗДИТЬ** *сов.* кыдырып барып келүү, бир нече ирет (*көп*) барып келүү; **поéздить по странé** өлкөнү кыдырып барып келүү.

**ПОЕ'ЗДКА** *ж.* баруу, барып келүү; **совершúть поéздку зá город** шаардын сыртына барып келүү.

**ПОЕЗДНО'Й,** -áя, -óе **поезд-ге** *т.;* поезддик; **поезднáя бригáда** поезддик бригада.

**поезжá'й, поезжá'йте** *повел. накл. от* **поéхать** *и* **éхать.**

**ПОЁМНЫЙ,** -ая, -ое: **поёмные лугá** жайылма жердеги чабындылар.

**ПОЕ'СТЬ** *сов.* 1. *чего* (*съесть немного*) бир аз тамактануу, анча-мынча жеш; **поéсть мя́са** бир аз эт жеп алуу; **поéсть пéред ухóдом** кетер алдында бир аз тамактанып алуу; 2. *что* (*съесть без остатка*) жеп коюу, калтырбай жеп коюу; **дéти поéли все я́блоки** балдар алманын бардыгын жеп коюшту; 3. *что* (*испортить*) жеп коюу; **моль поéла мех** терини күбө жеп койду.

**ПОЕ'ХАТЬ** *сов.* жөнөө, баруу, жолго чыгуу, кетүү (*жөө эмес, транспортко отуруп*); **поéхать на конферéнцию** конференцияга баруу (жөнөө); **поéхать в Москвý** Москвага баруу; **поéхать в гóсти** конокко баруу; **поéхать на маши́не** машинага түшүп баруу; ◇ **сáнки поéхали в стóрону** чана жолдон чыгып кетти.

**ПОЖА'ДНИЧАТЬ** *сов. разг.* 1. (*напр. в еде*) ач көздүк кылуу, сугалактануу; 2. (*поскупиться*) сараңдык кылуу, кызгануу.

**ПОЖАЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* аёо, ырайым кылуу, боор ооруу, боор ачуу, жаны ачуу, кыйбоо; 2. *о ком-чём, чего, с союзом «что»* өкүнүү; **я пожалéл о потéрянном врéмени** бекер кеткен убактыма өкүндүм; **он пожалéл, что опоздáл** ал кечиккендигине өкүндү; 3. *что, чего* (*поберечь*) аёо, кызгануу, сараңдык кылуу.

**ПОЖА'ЛОВАТЬ** *сов. уст.* 1. *к кому-чему* (*посетить*) келүү, баруу (*урмат, сый менен*); **прошý пожáловать ко мне в гóсти** меникине конокко келүүңүздү сураймын; **добрó пожáловать!** кош келиңиз!; 2. *кого чем, кому что* (*наградить*) сыйлык кылып берүү, сый (тартуу) кылып берүү.

**ПОЖА'ЛОВАТЬСЯ** *сов. на кого-что* 1. (*высказать жалобу*) даттануу, арызданүу, зардануу, арыз-муңун айтуу;

www.bizdin.kg

**пожа́ловаться на головну́ю боль** башынын ооругандыгын айтып даттануу; 2. (*подать жалобу*) арызданyу, даттануу; **пожа́ловаться в суд** сотко арызданyу.

**ПОЖА́ЛУЙ** *частица* балким, мүмкүн, ай; **я, пожа́луй, за́втра приду́ к вам** мен, балким, эртең силердикине келип каламын.

**ПОЖА́ЛУЙСТА** *частица* 1. (*вежливое обращение*) сизден өтүнөм, сурайм; **да́йте мне, пожа́луйста, воды́** мага суу берип коюуңузчу; **пожа́луйста, не говори́те гро́мко** катуу сүйлөбөсөңүз экен; 2. (*вежливое выражение согласия*) жарайт, макул, макул болот, ооба макул; **мо́жно вас на мину́точку? — Пожа́луйста!** сизди бир минутага уруксат бекен? — Макул болот!; ◇ **скажи́те пожа́луйста!** муну карасаңыз!

**ПОЖА́Р** *м.* өрт; **лесно́й пожа́р** токой өртү; **туши́ть пожа́р** өрттү өчүрүү; **пожа́р войны́** *перен.* согуш оту; ◇ **бежа́ть как на пожа́р** жоо кубалагандай, өрт тийгендей; **не на пожа́р** жоо кууп келе жаткан жери жок.

**ПОЖА́РИТЬ** *сов. что, чего* куурууу; **пожа́рить мя́со** этти куурууу.

**ПОЖА́РИТЬСЯ** *сов.* куурулуу (*мис. эт*).

**ПОЖА́РИЩЕ** *ср.* өрттөнгөн жер; **лесно́е пожа́рище** токойдун өрттөнгөн жери.

**ПОЖА́РНИК** *м.* пожарник (*өрт өчүрүүчү кызматчы*).

**ПОЖА́РНЫЙ**, -ая, -ое 1. **пожар**-*га т.*; өрт өчүрүүчү, өрт өчүргүч; **пожа́рная кома́нда** өрт өчүрүүчү команда; **пожа́рные инструме́нты** өрт өчүрүүчү аспаптар; **пожа́рная маши́на** өрт өчүрүүчү машина; **пожа́рная трево́га** өрт тревогасы; 2. *в знач. сущ. м.* пожарный, өрт өчүрүүчү; 3. *перен. разг.* (*экстренный, спешный*) эң шашылыш, өтө тездик менен, жоо чапкандай, өрт чыккандай; **в пожа́рном поря́дке** өтө шашылыш түрдө; **на вся́кий пожа́рный слу́чай** кокус шашылыш керек болуп калса.

**ПОЖА́ТИЕ** *ср.* кысуу, кыса кармоо, кармап кысуу; **пожа́тие руки́** кол кысуу, колду кармап кысуу, колду кыса кармоо (*амандашканда, коштошкондо*).

**ПОЖА́ТЬ** I *сов.* кысуу, кармап кысуу, кыса кармоо; **пожа́ть друг дру́гу ру́ки** бири-биринин колун кыса кармоо; ◇ **пожа́ть плеча́ми** ийнин куушуруп коюу (*«билбейм» деген белги кылып*).

**ПОЖА́ТЬ** II *сов. что, с.-х.* оруу, оруп бүтүрүү, оруп коюу; **пожа́ть пшени́цу** буудайды оруу; ◇ **что посе́ешь, то и пожнёшь** *посл.* эмнени эксең — ошону орорсуң.

**ПОЖА́ТЬСЯ** *сов.* бүрүшүү, курушуу, кысылуу; **он пожа́лся от хо́лода** ал сууктан курушту.

**ПОЖЕВА́ТЬ** *сов. что* чайноо, кепшөө; ◇ **пожева́ть губа́ми** эрин чайноо (*кепшегендей эриндерин кыймылдатуу*).

**ПОЖЕЛА́НИЕ** *ср.* 1. каалоо, көңүл, тилек, тилектештигин айтуу, каалгандык; 2. (*предложение*) сунуш, каалоо, өтүнүү; **мы учтём ва́ши пожела́ния** биз силердин сунуштарды эске алабыз.

**ПОЖЕЛА́ТЬ** *сов. кому чего, с неопр.* каалоо, тилөө, тилек кылуу.

**ПОЖЕЛТЕ́ЛЫЙ**, -ая, -ое саргарган, саргарып калган; **пожелте́лые ли́стья** саргарган жалбырактар.

**ПОЖЕЛТЕ́ТЬ** *сов.* саргаруу, саргаюу.

**ПОЖЕЛТИ́ТЬ** *сов. что, разг.* саргартуу, сарыга боёо.

**ПОЖЕНИ́ТЬ** *сов. кого* үйлөндүрүү, аял алып берүү.

**ПОЖЕНИ́ТЬСЯ** *сов.* үйлөнүү, аял алуу.

**ПО-ЖЕ́НСКИ** *нареч.* аялдарча.

**ПОЖЕ́РТВОВАНИЕ** *ср. уст.* 1. (*действие*) кыюу, курмандык кылуу; 2. (*дар*) кайыр, садага кылып берүү; **сбор поже́ртвований** кайыр жыйноо.

**ПОЖЕ́РТВОВАТЬ** *сов.* 1. *что* (*принести в дар*) сый берүү, тартуу кылуу; 2. *кем-чем, перен.* (*подвергнуть опасности, погубить*) курман кылуу, кыюу; **поже́ртвовать жи́знью** жанын курман кылуу.

**ПОЖЕ́ЧЬ** *сов. что* өрттөө, өрттөп жиберүү.

**ПО́ЖИ́ВА** *ж. разг.* олжо, табылга.

**ПОЖИВА́ТЬ** *несов. разг.* жашоо, турмуш өткөрүү, өмүр сүрүү; **как вы пожива́ете?** кандай турасыңар?

**ПОЖИВИ́ТЬСЯ** *сов. чем, разг.* эптеп-септеп бир нерсе табуу, айласын таап олжо алуу.

**ПО́ЖИ́ВШИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **пожи́ть**; 2. *прил.* (*много испытавший*) башынан көптү өткөргөн, көптү көргөн.

**ПОЖИ́ЗНЕННО** *нареч.* өмүр бою, өмүр өткүчө.

**ПОЖИ́ЗНЕННЫЙ**, -ая, -ое өмүр бою, өмүрү өткүчө; **пожи́зненная пе́нсия** өмүр бою ала турган пенсия.

**ПОЖИЛО́Й**, -а́я, -о́е улгайып калган, жашап калган, бир топ жашка чыккан; **пожила́я же́нщина** улгайып калган аял.

**ПОЖИМА́ТЬ** *несов. см.* **пожа́ть** I.

**ПОЖИМА́ТЬСЯ** *несов. см.* **пожа́ться**.

**ПОЖИНА́ТЬ** *несов. см.* **пожа́ть** II; ◇ **пожина́ть плоды́ свои́х трудо́в** өз эмгектеринин ийгилигин көрүү; **пожина́ть ла́вры** жетишкендикке ээ болуу, атагы чыгуу.

**ПОЖИ́РАТЬ** *несов. см.* **пожра́ть**; ◇ **пожира́ть глаза́ми** теше тиктөө, көзү өтүп кетүү.

**ПОЖИ́ТКИ** *только мн. разг.* майда буюм-эмеректер.

**ПОЖИ́ТЬ** *сов.* 1. туруу, жашап туруу, тиричилик кылуу, өмүр сүрүү, өлбөй тирүү жүрүү, жашоо; **он по́жил у нас два дня** ал биздин үйдө эки күн турду; **поживём — уви́дим** *погов.* өлбөй тирүү жүрсөк, көрөбүз; 2. *уст. разг.* (*в своё удовольствие*) жакшы турмушта жашоо, жыргап-куунап күн өткөрүү.

**ПОЖРА́ТЬ** *сов. кого-что, разг.* апылдатып сугунуу, баарын жеп таштоо, баарын жеп салуу.

**ПОЖУРИ́ТЬ** *сов. кого, разг.* тилдөө, жекирүү, зекүү, такуу, жемелөө.

**ПО́ЗА** *ж.* 1. поза (*дененин турушу*); **ребёнка снима́ли в ра́зных по́зах** баланы ар түрдүү позада сүрөткө тартышты; 2. *перен.* анткордук, арамзалык.

**ПОЗАБА́ВИТЬ** *сов. кого-что, разг.* бир аз күлдүрүү, күлдүрүп көңүл ачуу.

**ПОЗАБА́ВИТЬСЯ** *сов. разг.* бир аз күлүү, күлүп көңүл ачуу.

**ПОЗАБО́ТИТЬСЯ** *сов. о ком-чём* камын көрүү, кам жеш, багууга аракет кылуу.

**ПОЗАБЫВА́ТЬ** *несов. см.* **позабы́ть**.

**ПОЗАБЫ́ТЬ** *сов.* 1. *кого что, о ком-чём и с неопр.* унутуу, унутуп калуу, эстен чыгаруу; **ты совсе́м позабы́л о нас** сен бизди такыр унуттуң го; 2. *что* (*оставить где-л.*) унутуп таштоо, унутуп коюу, унутуп калтыруу, унутуп салуу.

**ПОЗАВИ́ДОВАТЬ** *сов. кому-чему* суктануу, ичи күйүү.

**ПОЗА́ВТРАКАТЬ** *сов.* эртең мененки тамакты ичүү, нанушта кылуу; **я ещё не поза́втракал** мен эмдигиче эртең мененки тамакты иче элекмин.

**ПОЗАВЧЕРА́** *нареч.* мурдагы күнү, мурда күнү; **он прие́хал позавчера́** ал мурдагы күнү келди.

**ПОЗАВЧЕРА́ШНИЙ**, -яя, -ее мурдагы күнкү.

**ПОЗАДИ́** 1. *предлог с род. п.* артынан, артында, аркасынан, арка жагында, арка жакта; **он шёл позади́ всех** ал баарынын арка жагында келе жатты; **он сиде́л позади́ меня́** ал менин арка жагымда (артымда) отурду; **оста́вить позади́ себя́** артка калтыруу (*кууп жетип*); 2. *нареч.* артта, арткы жакта; **он сиде́л далеко́ позади́** ал арткы жакта алыс отурду; **са́мое тру́дное уже́ позади́** *перен.* абдан кыйындары артта калды, кыйынчылыктар артта калды.

**ПОЗАИ́МСТВОВАТЬ** *сов. что* өздөштүрүү, сиңирүү, алуу, үйрөнүү.

**ПОЗАНИМА́ТЬСЯ** *сов.* бир аз иштөө, бир аз окуу, бир аз иш кылуу, бир аз убаралануу.

**ПОЗАНЯ́ТЬСЯ** *сов. разг.* бир аз иштөө, бир аз окуу, анча-мынча иш кылуу; **чем бы мне заня́ться?** мен эмне иш кылсам?

www.bizdin.kg

**ПОЗАПРО'ШЛЫЙ,** -ая, -ое мурдагы; **позапрошлый год** мурдагы жылы, мурдагы жыл.

**ПОЗА'РИТЬСЯ** *сов. на кого-что, разг.* кызыгуу, көз артуу, суктануу.

**ПОЗВА'ТЬ** *сов. кого* чакыруу, чакырып коюу; **позвать друга в гости** досун конокко чакыруу; **позвать на помощь** жардамга чакыруу.

**ПО-ЗВЕ'РСКИ** *нареч.* жырткычча, жырткычтык менен, жырткычтай.

**ПОЗВОЛЕ'НИЕ** *ср.* уруксат; **просить позволения** уруксат суроо; **дать позволение** уруксат берүү; **получить позволение** уруксат алуу; ◇ **с вашего позволения** сиздин уруксатыңыз боюнча, сиздин уруксатыңыз менен; **с позволения сказать** *ирон.* 1) (*о предмете или явлении*) ...дегени, ...дегиш болгону, ...деп жүргөнү, ...сөрөй; 2) (*как формула вежливости*) жаман көрбөңүз..., айып көрбөңүз...

**ПОЗВОЛИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* кечиримдүү, мүмкүн болгон.

**ПОЗВОЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое мүмкүн болгон.

**ПОЗВО'ЛИТЬ** *сов. кому что и с неопр.* 1. (*разрешить*) уруксат кылуу, уруксат берүү; **позвольте мне завтра прийти** мага эртең келүүгө уруксат бериңиз; 2. *перен.* (*допустить*) мүмкүндүк берүү; **болезнь не позволила мне выйти из дому** оору мага үйдөн чыгууга мүмкүндүк бербеди; ◇ **позволить себе** *что-л.* бир нерсе кылууга колу баруу; **я никогда не позволю себе обмануть вас** мен эч качан сизди алдоого барбаймын; **позвольте!** токтоңуз!, уксаңыз!

**ПОЗВОЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **позволить.**

**ПОЗВОНИ'ТЬ** *сов.* 1. (*в колокол*) коңгуроо кагуу, коңгуроо уруу, шыңгыратуу; 2. (*издать звон*) шыңгыроо, шыңгыратуу; **позвонил телефон** телефон шыңгырады; 3. (*по телефону*) телефон уруу, звонить этүү; **я позвоню вам завтра** мен силерге эртең телефон урамын.

**ПОЗВОНО'К** *м. анат.* омуртка, кыр арканын омурткасы; **шейные позвонки** моюн омурткалары.

**ПОЗВОНО'ЧНИК** *м. анат.* кыр арка сөөгү, арка омурткалар.

**ПОЗВОНО'ЧНЫЕ** *мн.* (*ед.* **позвоночное** *ср.*) *зоол.* омурткалуулар (*омурткалуу жаныбарлар*).

**ПОЗВОНО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **позвоночник**-*ке т.*; **позвоночный столб** *анат.* кыр арка омурткалары.

**ПОЗДНЕ'ЙШИЙ,** -ая, -ее эң эле кийинки; **позднейшие открытия** эң эле кийинки ачуулар (*илимде*).

**ПО'ЗДНИЙ,** -яя, -ее 1. (*о частях дня, года*) кечки, кеч; **поздний час** кеч убакыт; **поздний вечер** эл орунга отурган убак; **поздняя осень** кеч күз; 2. (*запоздалый*) кечиккен; **поздний урожай** кечигип бышкан эгин; **поздний приход** кечигип келиш; **поздний гость** кеч келген конок.

**ПО'ЗДНО** *нареч.* кеч, кечигип, кечигүү менен; **поздно осенью** кеч күздө; **он поздно начал учиться** ал окууга кечигип кирди; **он поздно вернулся домой** ал үйгө кеч кайтты; **поздно лечь** кеч жатуу; **поздно встать** кеч туруу; ◇ **лучше поздно, чем никогда** *погов.* ийгиликтин эрте-кечи жок.

**ПОЗДОРО'ВАТЬСЯ** *сов.* саламдашуу, амандашуу; учурашуу.

**ПОЗДОРОВЕ'ТЬ** *сов.* оңдонуу, оңүнө кирүү, оңдонуп калуу; **он поздоровел за лето** ал жай ичинде оңдонуп калган.

**ПОЗДОРО'ВИТЬСЯ** *сов. безл.*: **ему не поздоровится!** *разг.* ал соо болбойт!, ал бирди көрөт!

**ПОЗДРАВИ'ТЕЛЬ** *м.* куттуктоочу, куттуктаган адам.

**ПОЗДРАВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **поздравление**-*ге т.*; **поздравительная телеграмма** куттуктоо телеграммасы.

**ПОЗДРА'ВИТЬ** *сов. кого с чем* куттуктоо, куттуктап коюу; **поздравляю вас с праздником!** майрамыңыз менен!; **поздравить с успехом** ийгилиги менен куттуктоо.

**ПОЗДРАВЛЕ'НИЕ** *ср.* куттуктоо; **примите наши поздравления** биздин куттуктообузду кабыл алыңыз; **принести поздравления** куттуктоо.

**ПОЗДРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **поздравить;** ◇ **поздравляю!** *ирон.* мынакей!, чала болду!

**ПОЗЁВЫВАТЬ** *несов. разг.* эстөө, эстей берүү (*оозун ачып*).

**ПОЗЕЛЕ'НЕТЬ** *сов.* 1. (*стать зелёным*) жашылдануу, жашыл болуу, көгөрүү; **бронза позеленела** коло көгөрдү; 2. *перен.* көгөрүү, көгөрө түшүү; **позеленеть от злости** ачуусуна чыдабай көгөрүп-татарып кетүү.

**ПОЗЁМ** *м. с.-х.* кык (*малдын жер семиртүүчү кыгы*).

**ПОЗЕМЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жерден алынуучу, жерге жараша.

**ПОЗЕ'МИЦА** *ж.* жөө бурганак.

**ПОЗЁМКА** *ж. разг. см.* **поземица.**

**ПОЗЁР** *м.* сырткы сымбатын көрсөтүп жүргөн, сөзүн жасап сүйлөгөн киши.

**ПО'ЗЖЕ** *сравн. ст. от нареч.* **поздно** кечирээк, кийинирээк; **он пришёл позже меня** ал менден кечирээк келди; **они займутся этим позже** алар бул иштерге кийинирээк киришет.

**ПО-ЗИ'МНЕМУ** *нареч.* кышкыдай, кышкыча, кышындагыдай; **он одет по-зимнему** ал кышкыдай кийинген.

**ПОЗИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. позировать кылуу (*художник, скульптор же фотографтын алдында белгилүү позада туруп берүү*); 2. *перен.* сырткы сымбатын көрсөтүү, сөзүн жасап сүйлөө.

**ПОЗИТИ'В** *м. фото* позитив (*кагазга же атайын айнекке тартылган фотографиялык сүрөт*).

**ПОЗИТИВИ'ЗМ** *м. филос.* позитивизм (*буржуазиялык философияда орун алган, субъективисттик-идеалисттик философиянын бир агымы*).

**ПОЗИТИВИ'СТ** *м. филос.* позитивист (*позитивизмди жактоочу адам*).

**ПОЗИТИВИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **позитивист**-*ке*, **позитивизм**-*ге т.*; позитивисттик.

**ПОЗИТИ'ВНОСТЬ** *ж.* позитивдүүлүк.

**ПОЗИТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*основанный на фактах*) позитивдүү, позитивдик (*фактыларга негизделген*); 2. (*положительный*) ырастоочу, чындыкка чыгаруучу; **позитивное суждение** чын (ырас) ой-пикир; 3. *фото* **позитив**-*ге т.*; позитивдик.

**ПОЗИЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **позиция**-*га т.*; позициялык; **позиционная война** позициялык согуш (*мындай согушта эки тарап тең ок атуу куралдарынын жана инженердик коргонуу чептеринин кубатын пайдалануу менен чыңдалган фронттун жыш линиясын түзүшөт*).

**ПОЗИ'ЦИЯ** *ж.* 1. позиция (*бир маселеде кармаган жол*); 2. *воен.* позиция (*аскер же согуштук курал орношкон жай*); **артиллерийская позиция** артиллериялык позиция; **выгодная позиция** ыңтайлуу позиция; 3. *чаще мн. воен.* (*район военных действий*) позиция, согуш майданы; **отправиться на передовые позиции** согуштун алдыңкы позициясына жөнөө; 4. *перен.* (*точка зрения*) позиция, көз караш; **защищать свою позицию** өзүнүн позициясын жактоо.

**ПОЗЛИ'ТЬ** *сов. кого* бир аз ачуулантуу, ачуусун келтирүү, ачуусуна тийүү, бир аз жинин келтирүү.

**ПОЗЛИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* бир аз ачуулануу, ачуусу келүү, бир аз жини келүү.

**ПОЗЛОРА'ДСТВОВАТЬ** *сов.* табалоо, табалап кубануу.

**ПОЗЛОСЛО'ВИТЬ** *сов.* ушактап жүрүү, жамандап жүрүү.

**ПОЗНАВА'ЕМОСТЬ** *ж. филос.* билүүгө, таанууга мүмкүн болгондук; **познаваемость явлений** кубулуштарды билүүгө, таанууга мүмкүн болгондук.

**ПОЗНАВА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **познавать;** 2. *прил. филос.* билинүүчү, таанылуучу, билинген, таанылган.

**ПОЗНАВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое билим берүүчү, маалымат арттыруучу.

**ПОЗНАВА'ТЬ** *несов. см.* **познать.**

www.bizdin.kg

**ПОЗНАВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. билинүү, таанылуу, белгилүү болуу; **друзья познаются в беде** достун достугу кыйынчылыкта билинет; 2. *страд. к* **познавать.**

**ПОЗНАКО'МИТЬ** *сов. кого* 1. *с кем-чем* тааныштыруу; **познакомить учеников с биографией учёного** окуучуларды окумуштуунун өмүр баяны менен тааныштыруу; 2. *с чем* (*заставить испытать*) билгизүү, башынан өткөртүү (*турмушту, кыйынчылыктарды*).

**ПОЗНАКО'МИТЬСЯ** *сов.* 1. *с кем* таанышуу; **познакомиться с профессором** профессор менен таанышуу; 2. *с кем-чем* (*получить сведения*) таанышуу, билүү, көрүп чыгуу; **познакомиться с новым городом** жаңы шаар менен таанышуу; 3. *с чем* (*испытать*) башынан өткөрүү, билүү.

**ПОЗНА'НИЕ** *ср.* 1. *филос.* билүү, таануу; **теория познания** билүү (таануу) теориясы; 2. *чаще мн.* (*совокупность сведений*) билим; билүү; **у него большие познания в медицине** медицина боюнча ал көп нерселерди билет.

**ПОЗНА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* билүү, таануу; **познать природу** жаратылышты билүү (таануу); **познать истину** чындыкты (акыйкатты) билүү (таануу); 2. *что* (*испытать*) татуу, баштан өткөрүү; **познать радость труда** эмгектин кубанычын татуу.

**ПОЗОЛО'ТА** *ж.* алтындын буусу; **позолота часов стёрлась** сааттын сыртындагы алтындын буусу кетип калды.

**ПОЗОЛОТИ'ТЬ** *сов. что* 1. алтындын буусуна кармоо; **позолотить фарфор** фарфорду алтындын буусуна кармоо; 2. *перен.* (*окрасить в золотой цвет*) алтын түстүү сары боёк менен боёо.

**ПОЗОЛО'ЧЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **позолотить;** 2. *прил.* алтындын буусуна кармалган; **позолоченный портсигар** алтындын буусуна кармалган портсигар.

**ПОЗО'Р** *м.* уят, маскара, маскаралык, шерменделик; **покрыть** *кого-л.* **позором** *биреөну* маскара кылуу; **удалиться с позором** маскара болуп чыгып кетүү.

**ПОЗО'РИТЬ** *несов. кого-что* уят кылуу, уятка калтыруу, маскара кылуу, абийрин кетирүү, шерменде кылуу, шермендесин чыгаруу, маскаралоо, кордоо.

**ПОЗО'РИТЬСЯ** *несов. разг.* уят болуу, маскара болуу, абийри төгүлүү, шерменде болуу.

**ПОЗО'РНЫЙ**, -ая, -ое **позор**-*го т.*; маскаралык, уят кылуучу; **позорный поступок** уят иш; **позорное поведение** маскаралык жүрүш-туруш; ◇ **поставить к позорному столбу** көпчүлүк элдин алдында маскара кылуу.

**ПОЗУМЕ'НТ** *м.* око, ноко.

**ПОЗУМЕ'НТНЫЙ**, -ая, -ое **позумент**-*ке т.*; **позументная мастерская** ноко жасоочу мастерская.

**ПОЗЫ'В** *м.*: **позыв на рвоту** кускусу келүү.

**ПОЗЫВА'ТЬ** *несов.*: **позывать на рвоту** кускусу келүү.

**ПОЗЫВНО'Й**, -ая, -ое *мор.*, *радио* 1. чакыруучу; **позывной сигнал** чакыруу сигналы; 2. *в знач. сущ.* **позывные** *мн.* радиостанциянын *же* кеменин өзүн билдире турган чакырык сигналы.

**ПОИГРА'ТЬ** *сов.* бир аз ойноо, ойноп отуруу; **поиграть в шахматы** шахмат ойноп отуруу; **поиграть на пианино** пианинодо бир аз ойноо.

**ПОИ'ГРЫВАТЬ** *несов. разг.* ойноо, ойноп убакыт өткөрүү.

**ПОИЗДЕРЖА'ТЬСЯ** *сов. разг.* сарп кылып түгөтүп алуу.

**ПОИ'ЛКА** *ж.* 1. *с.-х.* суу ичиргич, мал сугаргыч (*малды же канаттууларды сугара турган идиш*); 2. (*для больных*) тамак ичиргич (*төшөктөн тура албаган ооруларды тамактандыруучу идиш*).

**ПОИМЁННО** *нареч.* ат-атынан, ар бирин өз атынан; **вызвать всех поимённо** бардыгын ат-атынан чакыруу.

**ПОИМЁННЫЙ**, -ая, -ое аттары жазылган; **поимённый список** аттары жазылган тизме.

**ПОИМЕНО'ВАННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **поименовать;** 2. *прил.* аты аталган; **все поименованные лица вызываются на совещание** аттары аталган адамдардын бардыгы кеңешмеге чакырылат.

**ПОИМЕНОВА'ТЬ** *сов. кого-что*, *офиц.* аттарын атоо, аттарынан айтуу; **поименовать присутствующих** катышып отургандардын аттарын атоо.

**ПОИ'МКА** *ж.* кармап алуу, кармоо.

**ПОИМУ'ЩЕСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое *юр.* мүлкүнөн алынуучу, мүлккө жараша, мүлкүнө ылайык.

**ПОИНТЕРЕСОВА'ТЬСЯ** *сов. кем-чем* көңүл коюу, кызыгуу, кунт коюу.

**ПОИНТРИГОВА'ТЬ** *сов. кого*, *против кого* арага бузук салуу, арага от салуу, чагым салуу.

**ПОИСКА'ТЬ** *сов. кого-что* издөө, издеп табуу, издеп көрүү; **поищи книгу** китепти издеп көрчү.

**ПО'ИСКИ** *мн.* (*ед.* **поиск** *м.*) 1. издөө, издеп жүрүү; **отправиться на поиски** издеп жөнөө; 2. *воен.* издөө, издеп жүрүү; **поиски разведчиков** чалгынчылардын издеп жүрүшү; 3. *горн.* издөө, кароо; **поиски полезных ископаемых** пайдалуу кендерди издөө.

**ПО'ИСКОВЫЙ**, -ая, -ое **поиск** 3-*кө т.*; издөөчү; **поисковая партия** издөөчү партия (*кенди*).

**ПОИ'СТИНЕ** *нареч.* чынында, чындыгында, анык эле; **это поистине прекрасное произведение** бул чындыгында да эң сонун чыгарма.

**ПОИ'ТЬ** *несов. кого* 1. (*давать пить*) сугаруу, суу берүү; **поить лошадь** жылкыны сугаруу; 2. (*выкармливать молоком*) сүт менен багуу, сүт берүү; **поить телят** музоолорго сүт берүү, музоолорду сүт менен багуу; 3. *перен.* (*угощать*) ичирүү, берүү, ичирип сыйлоо (*чаем*); ичкилик ичирүү (*вином*); **поить гостей чаем** конокторго чай берүү; ◇ **поить и кормить** *разг.* багуу, багып тамактандыруу, ичирип-жегизүү.

**ПО'ЙЛО** *ср.* алап, суюк тоют; **коровье пойло** уйга берилүү алап (суюк тоют).

**ПО'ЙМА** *ж. геогр.* жайылма (*суу ташыганда суу жайылып кетүүчү жер*).

**ПОЙМА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* кармоо, тосуп алуу, кармап алуу; **поймать мяч** топту тосуп алуу; **поймать вора** ууруну кармап алуу; **поймать голубя** көгүчкөндү кармап алуу; 2. *что*, *перен.* (*перехватить, заметить*) байкоо, байкап калуу, кармап алуу; **поймать** *чей-л.* **взгляд** *биреөнун* көз карашын байкап калуу; **поймать Москву на средних волнах** Москваны ортоңку толкундан кармап алуу (*радиодон*); 3. *что*, *перен.* (*использовать*) пайдаланып калуу; **поймать удобный момент** оңтойлуу (ыңгайлуу) учурдан пайдаланып калуу; 4. *кого-что на чём*, *перен.* (*изобличить*) колго түшүрүү, кармап алуу; **поймать на слове** сөзүнөн кармап алуу, сөзүнөн карматып коюу; 5. *что*, *разг.* (*какую-л. болезнь*) жугузуп алуу.

**пойму, поймёшь** *и т. д. буд. вр. от* **понять.**

**ПОЙТИ'** *сов.* 1. жөнөө, баруу, кетүү; **он попрощался и пошёл** ал коштошту да жөнөп кетти; **я пошёл полем** мен талаа менен бардым; **пойти навстречу** 1) алдынан утурулай баруу; 2) *перен. биреөнун* тилегин орундатуу, *биреөнун* талабын кубаттоо; **трамвай пойдёт не по маршруту** трамвай маршруту боюнча барбайт; 2. (*о механизмах*) жүрүү, жүрө баштоо; **часы пошли** саат жүрө баштады; 3. чыгуу, агуу; **из трубы пошёл дым** мордон түтүн чыкты; **вода пошла из крана** чоргодон суу ага баштады; **кровь пошла из раны** жарадан кан ага баштады; 4. (*об осадках*) жааш, жаай баштоо; **пошёл сильный дождь** жамгыр катуу жаап жиберди; 5. (*поддаться на приманку*) көнүү, алдануу, кызыгуу, таткануу; 6. (*поступить куда-л.*) кирүү; **он пошёл в медицинский институт** ал медициналык институтка кирди; 7. *разг.* (*найти сбыт*) өтүү, жароо; **этот товар хорошо пошёл** бул товар жакшы өттү; 8. (*о спектакле и т. п.*) болуу; коюлуу; 9. (*потребоваться*) кетүү; **на платье пошло много шёлка** көйнөккө жибек көп кетти; 10. (*проявить

www.bizdin.kg

**ПОКА'ШЛИВАТЬ** *несов.* жөтөлүү, жөтөлө берүү, улам-улам жөтөлүү.

**ПОКА'ШЛЯТЬ** *сов.* жөтөлүү, бир нече жолу жөтөлүү.

**ПОКАЯ'НИЕ** *ср.* тобо кылуу; ◇ **отпустить душу на покаяние** *разг. шутл.* тынчын алганын коюу, жанына жай берүү.

**ПОКАЯ'ННЫЙ,** -ая, -ое **1.** өкүнгөн; **2.** күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сураган.

**ПОКА'ЯТЬСЯ** *сов.* **1.** (*раскаяться*) өкүнүү; **2.** (*признаться*) күнөөсүн мойнуна алып кечирим суроо.

**ПОКВАРТА'ЛЬНО** *нареч.* квартал сайын.

**ПОКВАРТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое квартал сайын, квартал боюнча.

**ПОКВИТА'ТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* **1.** *уст.* (*рассчитаться*) эсептешип кутулуу, такташып карыздан кутулуу; **2.** (*отомстить*) өч алуу, кек алуу, эсесин алуу; **я с тобой ещё поквитаюсь!** мен сенден өчүмдү алармын!

**ПОКИВА'ТЬ** *сов.* ийкөө (*бир нече жолу*); **покивать головой на прощание** коштошуп башын ийкөө.

**ПОКИДА'ТЬ** I *сов. разг. см.* **побросать.**

**ПОКИДА'ТЬ** II *несов. см.* **покинуть.**

**ПОКИ'НУТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **покинуть; 2.** *прил.* (*одинокий, заброшенный*) кароосуз ташталган, жалгыз калган, ээн калган; **покинутый дом** ээн калган үй.

**ПОКИ'НУТЬ** *сов.* **1.** *что* (*үйүн*) таштап кетүү, чыгып кетүү, таштоо, калтыруу; **покинуть город** шаардан чыгып кетүү; **2.** *кого* таштап кетүү, калтыруу, байланышты үзүү; **все друзья покинули его** аны бардык достору таштап кетти, **3.** *кого-что, перен.* качуу, кетүү, таюу; **силы покинули его** ал алдан тайды, анын алы кетти.

**ПОКИПЕ'ТЬ** *сов.* кайнай түшүү, бир аз кайноо.

**ПОКИПЯТИ'ТЬ** *сов. что* кайнатуу, кайнатып жиберүү.

**ПОКИПЯТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** *см.* **покипеть; 2.** *перен.* (*посердиться*) бир аз ачуулануу, ачуулана түшүү, кыжыры кайноо

**ПОКЛАДА'Я: работать не покладая рук** жан аябастан иштөө, тынбастан иштөө.

**ПОКЛА'ДИСТОСТЬ** *ж. разг.* жумшак көңүлдүк, ыкка тез көнмөлүк.

**ПОКЛА'ДИСТЫЙ,** -ая, -ое жумшак көңүл, ыкка тез көнмө; **покладистый характер** жумшак көңүл мүнөз; **он человек покладистый** ал ыкка тез көнмө адам.

**ПОКЛА'ЖА** *ж.* жүк, көтөрүп жүрүүчү эмерек.

**ПОКЛЕВА'ТЬ** *сов.* **1.** *что* чокуу; чокуп, терип жеп коюу; **куры поклевали всё просо** тооктор таарунун баарын терип жеп коюшту; **2.** *что* (*о рыбе*) тиштегилеп тартуу, булкуу, тиштеп жутуп жиберүү (*балык кайырмактагы жемди*).

**ПОКЛЁВЫВАТЬ** *несов. что* **1.** бир аз чокуу, аз-аздан терип жеш; **2.** (*о рыбе*) тиштеп тартуу (*кайырмактагы жемди*).

**ПОКЛЁП** *м. разг.* курулай жала; **взводить поклёп** *на кого-л.* *бирөөгө* курулай жала жаап айыптоо.

**ПОКЛО'Н** *м.* **1.** (*приветствие*) ийилип саламдашуу, жүгүнүү; **сделать поклон при встрече** кезиккен убакта жүгүнүп, ийилип саламдашуу; **ответить на** *чей-л.* **поклон** *бирөөнүн* ийилип салам беришине жооп кайтаруу; **2.** жүгүнүү; **земной поклон** жүгүнүп башын жерге тийгизүү; **класть поклоны** *рел.* (*намаз окуганда*) сежде кылуу; **3.** *перен.* (*привет*) салам; **вам поклон от товарищей** силерге (сизге) жолдоштордон салам; ◇ **идти на поклон** *к кому-л.* *бирөөгө* жалынып-жалбарып өтүнүү.

**ПОКЛОНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*напр. божеству*) сыйынуу, табынуу; **2.** (*преклонение*) баш ийүү, кол коюу; **поклонение таланту писателя** жазуучунун талантына баш ийүү (кол коюу).

**ПОКЛОНИ'ТЬСЯ** *сов. кому-чему* **1.** (*сделать поклон*) жүгүнүү, ийилип таазым кылуу, ийилип саламдашуу, ийилип салам берүү; **2.** *уст.* (*униженно попросить*) жалынып-жалбарып суранууу.

**ПОКЛО'ННИК** *м.* **1.** (*почитатель*) кол коюучу, баш ийүүчү; **2.** (*возлюбленный*) жакшы көргөн, сүйгөн, ашык болгон.

**ПОКЛО'ННИЦА** *женск. р. к* **поклонник.**

**ПОКЛОНЯ'ТЬСЯ** *несов. кому-чему* **1.** (*чтить как божество*) сыйынуу, табынуу, тобо кылып жүгүнүү; **в древности люди поклонялись силам природы** байыркы убакта адамдар жаратылыштын күчтөрүнө сыйынышкан; **2.** *перен.* (*чрезмерно почитать*) жүгүнүп багынуу, баш ийип жүгүнүү; **я поклоняюсь его таланту** мен анын талантына баш иемин.

**ПОКЛЯ'СТЬСЯ** *сов. кому в чём и с неопр.* ант кылуу, ант берүү, каргануу, касам ичүү.

**ПОКОВЕ'РКАТЬ** *сов. что, разг.* бир аз мыйрыйтуу, бир аз бузуу, бир аз сындыруу.

**ПОКО'ВКА** *ж. тех.* (*кусок металла*) согуп ииштетилген металлдын бир кесеги; **стальные поковки** болоттун согуп иштетилген кесектери.

**ПОКО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **поковка**-*га т.*

**ПОКОВЫЛЯ'ТЬ** *сов. разг.* аксаңдап же сүйрөлүп очорулуп басуу.

**ПОКОВЫРЯ'ТЬ** *сов. что, разг.* чукулоо, чукуп отуруу; **поковырять в зубах** тиштерин чукулоо (чукулап отуруу).

**ПОКО'И** *мн. уст.* жатуучу бөлмө.

**ПОКО'ИТЬСЯ** *несов.* **1.** *на чём* (*иметь основанием*) негизделүү, бир нерсенин үстүнө тургузулуу; **это здание покоится на железобетонном фундаменте** бул үй темир-бетондук фундаменттин үстүнө салынган; **2.** *уст.* (*быть похороненным*) жатуу, көмүлүү; **здесь покоится прах героя** бул жерде баатырдын сөөгү жатат.

**ПОКО'Й** *м.* **1.** (*тишина, спокойствие*) тынчтык, жымжырттык; **над озером царил покой** көлдүн үстүндө тынчтык өкүм сүрдү; **больному нужен покой** оорулуу кишиге тынчтык керек; **нарушить** *чей-л.* **покой** *бирөөнүн* тынчын алуу; **эта мысль не даёт мне покоя** бул ой мага тынчтык бербейт; **2.** (*неподвижность*) тынчтык, кыймылсыздык; ◇ **оставить в покое** тийбей эле жайына коюу, тынчтык берүү; **удалиться на покой** *уст.* кызматтан такыр бошоп, тынч жатып калуу; **приёмный покой** приёмный покой (*ооруканаларда ооруларды кабыл алып палаталарга бөлүштүрүүчү үй*); **вечный покой** *уст.* келбес сапарга кетүү.

**ПОКО'ЙНИК** *м.* **1.** өлүк, өлгөн адам; **2.** (*при упоминании об умершем*) маркум, ыраматылык, ырамалык.

**ПОКО'ЙНИЦА** *женск. р. к* **покойник.**

**ПОКО'ЙНИЦКАЯ** *ж.* өлүктөр коюлуучу жай.

**ПОКО'ЙНЫЙ** I, -ая, -ое **1.** (*тихий, кроткий*) жоош, момун; **покойный характер** жоош мүнөз; **2.** (*удобный*) тынч, ыктуу; **покойное кресло** тынч кресло; ◇ **покойной ночи!** жакшы жатып уктаңыз!, жакшы жатып жай туруңуз!; **будьте покойны** *разг.* камырабаңыз, кам санабаңыз; **уж он, будьте покойны, не подведёт вас** андан кадырыңыз жам болсун, сизди уят кылбайт.

**ПОКО'ЙНЫЙ** II, -ая, -ое **1.** (*умерший*) өлгөн адам, маркум; **покойный поэт** маркум акын; **2.** *в знач. сущ. м.* (*покойник*) ыраматылык, маркум; **я хорошо знал покойного** мен маркумду жакшы таанычу элем.

**ПОКОЛЕБА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* козголтуу, кыймылдатуу, солкулдатуу, чайпалтуу, чайкалтуу, термелтүү, теңселтүү; **ветер поколебал верхушки деревьев** шамал жыгачтардын башын кыймылдатты; **2.** *что, перен.* (*расшатать*) бошоңдотуу; **3.** *что, перен.* (*вызвать сомнение в чём-л.*) кетирүү, түшүрүү; **поколебать** *чей-л.* **авторитет** *бирөөнүн* беделин (кадырын) кетирүү, кадырына шек кетирүү; **4.** *кого, перен.* (*заставить сомневаться*) ыргылжың кылуу, шек туудуруу, күмөн санатуу; **он нисколько меня не поколебал** ал мени кенедей да күмөн саната алган жок.

www.bizdin.kg

**ПОКОЛЕБА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*испытать нерешительность*) ыргылжыӊ болуу, арсар болуу, олку-солку болуу, деӊ-дароо болуу; **2.** (*потерять влиятельность*) түшүӊкүрөп калуу; **его авторитет поколебался** анын бедели түшүӊкүрөп калды; **3.** (*пробыть в колебании*) козголуу, кыймылдоо, солкулдоо, чайпалуу, чайкалуу, термелүү, теӊселүү; **маятник немного поколебался и остановился** маятник бир аз кыймылдады да токтоп калды.

**ПОКОЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*родственники*) урук, тукум, укум-тукум; **третье поколение** үчүнчү атасы (*үч ата өткөн*); **2.** муундар, курбалдаш; **молодое поколение** жаш муундар; **новое поколение** жаӊы муундар; ◇ **из поколения в поколение** 1) (*по наследству*) укумдан тукумга, ата-бабадан бери; 2) (*по традиции*) адат боюнча, илгертен бери.

**ПОКОЛЕСИ'ТЬ** *сов. разг.* кыдырып жүрүү; **немало я поколесил по белому свету** жарык дүйнөнүн далай жерин кыдырдым.

**ПОКОЛОТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* (*побить*) чапкылоо, ургулоо, сабап коюу, тепкилеп салуу; такылдатуу (*в дверь*); **2.** *что* (*разбить*) сындыруу, кыйратуу, талкалоо; **поколотить посуду** идиш-аякты кыйратып салуу.

**ПОКОЛО'ТЬ** I *сов. что* (*расколоть*) жаруу, бир аз жаруу (*дрова*); чагуу, майдалоо (*сахар*); **я все дрова поколол** мен отундун бардыгын жардым.

**ПОКОЛО'ТЬ** II *сов. кого-что* (*исколоть*) саюу, сайгылоо, бир аз саюу.

**ПОКО'НЧИТЬ** *сов.* **1.** *что, с чем* (*закончить*) бүтүү, бүтүрүү, аяктоо; **покончить с заданием** тапшырманы аяктоо; **2.** *с кем-чем* (*уничтожить*) жоюу, бүтүрүү, аягына чыгуу; ◇ **между ними всё покончено** алардын ортосундагы бардык мамиле үзүлдү; **покончить с собой** өзүн өзү өлтүрүү, өз жанын өзү кыюу.

**ПОКОПА'ТЬ** *сов. что* каза түшүү.

**ПОКОПА'ТЬСЯ** *сов. в чём, разг.* издөө, аӊтарып издөө, издеп аӊтаруу; **надо покопаться в архиве** архивден издөө керек.

**ПОКОРЁЖИТЬСЯ** *сов. разг.* курушуу, чүрүшүү, кабырылуу; **фанера от сырости покорёжилась** фанера суу болуп, кабырылып калды.

**ПОКОРЕ'НИЕ** *ср.* багындыруу, жеӊип алуу, баш ийдирүү, каратуу (*согушуп же кандайдыр башка зордук менен*).

**ПОКОРИ'ТЕЛЬ** *м.* багындырган, багындыруучу, жеӊип алган, жеӊип алуучу, каратып алган, каратып алуучу; ◇ **покоритель сердец** *шутл.* мээр чөптүү эркек.

**ПОКОРИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **покоритель.**

**ПОКОРИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*завоевать, подчинить*) багындыруу, жеӊип алуу, каратып алуу; **покорить страну** өлкөнү каратып алуу, өлкөнү багындыруу; **покорить силы природы** жаратылыштын күчтөрүн багындыруу; **2.** (*приручить*) колго үйрөтүү, колго көндүрүү; **покорить зверя** жырткыч айбанды колго көндүрүү; **3.** (*внушить к себе симпатию*) өзүнө тартуу; ◇ **покорить чьё-л. сердце** бирөөнү өзүнө тартуу, өзүн сүйдүрүү, өзүнө ашык кылуу.

**ПОКОРИ'ТЬСЯ** *сов. кому-чему* **1.** (*подчиниться*) багынуу, жеӊилүү, баш ийүү; **2.** (*примириться с чем-л.*) көнүү, моюн сунуу; **не покорится судьбе** тагдырга моюн сунбоо (көнбөө).

**ПОКОРМИ'ТЬ** *сов. кого* **1.** (*дать корм животным*) тоюттандыруу, тоюндуруу, тоют берүү, жем-чөп берүү; **2.** (*дать есть*) тамактандыруу, тойгузуу, тамак берүү; эмизүү (*грудью*).

**ПОКО'РНЕЙШЕ** *нареч. уст.*: **покорнейше прошу** көптөн-көп өтүнөмүн; **покорнейше благодарю** абдан чоӊ ыракмат.

**ПОКО'РНЕЙШИЙ,** -ая, -ее *уст.*: **ваш покорнейший слуга** сизди урматтоочу кулуӊуз (*«мен» деген маанидe*); **покорнейшая просьба** көптөн-көп өтүнүч.

**ПОКО'РНО** *нареч.* **1.** (*послушно*) баш ийип, багынып, кыӊк этпей; **он покорно согласился** ал кыӊк этпей макул болду; **2.** *уст.* (*в выражениях вежливости*): **прошу покорно** көптөн-көп суранамын; ◇ **покорно благодарю** *разг.* абдан чоӊ ыракмат; **нет уж, покорно благодарю, я на это не соглашусь!** жок, мунуӊузга чоӊ ыракмат, мен буга эч макул эмесмин!

**ПОКО'РНОСТЬ** *ж.* баш ийүүчүлүк, багынуучулук.

**ПОКО'РНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*послушный*) баш ийген, багынган, көнгөн, тил алгыч, элпек; **2.** (*не сопротивляющийся*) бой сунган, моюн сунган, кыӊк этпеген; ◇ **ваш покорный слуга** *уст.* сизди баш ийип урматтоочу кулуӊуз; **покорная просьба** көптөн-көп суранган өтүнүч.

**ПОКОРО'БИТЬ** *сов.* **1.** *что* кейпинен кетүү, майрыюу, калжаюу, калдаюу, иймейтүү, ийрейтүү, кабырылуу; **фанеру от сырости покоробило** фанера нымданып (суу болуп) кабырылып калды; **2.** *кого, перен.* жийиркентүү, көӊүл калтыруу, катуу тийүү; **его покоробило от этих слов** бул сөздөр аны жийиркентти.

**ПОКОРО'БИТЬСЯ** *сов.* кыйшаюу, майрыюу, иймейүү, ийрейүү, кабырылуу; **дверь от сырости покоробилась** нымдангандыктан (суу болгондуктан) эшик майрыйып калды.

**ПОКОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **покорить.**

**ПОКОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **покориться; 2.** *страд. к* **покорять.**

**ПОКО'С** *м.* **1.** (*действие*) чөп чабуу; **2.** (*время уборки сена*) чөп чабыш, чөп чабыш мезгили; **3.** (*место косьбы*) чабынды жер.

**ПОКОСИ'ТЬ** I *сов. что* **1.** (*выкосить*) чөптү чаап бүтүрүү; **2.** (*некоторое время*) чөп чабуу (*белгилүү убакытка чейин*).

**ПОКОСИ'ТЬ** II *сов. что, чаще безл.* (*искривить*) кыйшайтуу, ийрейтүү; **дверь покосило** эшик кыйшайып калды.

**ПОКОСИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*искривиться*) кыйшаюу, ийрейүү; **2.** *разг.* (*косо посмотреть*) жаман көз менен кароо.

**ПОКРА'ЖА** *ж.* **1.** (*кража*) уурдоо; **2.** (*украденные вещи*) уурдалган буюмдар; **покража нашлась** уурдалган буюмдар табылды.

**ПОКРА'ПАТЬ** *сов.* (*о дожде*) бир аз дыбырап, себээлеп күн жаап кетүү; бир аз жамгыр жаап кетүү.

**ПОКРА'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **покрапать.**

**ПОКРА'СИТЬ** *сов. что* боёо, сырдоо, майлоо; **покрасить пол** полду боёо.

**ПОКРА'СКА** *ж.* боёо, сырдоо, майлоо.

**ПОКРАСНЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*стать красным*) кызаруу, кызарып калуу; **вишня покраснела** чие кызарып калды; **2.** (*от прилива крови*) кызаруу, кызарып кетүү; **покраснеть от стыда** уятынан кызарып кетүү.

**ПОКРА'СОЧНЫЙ,** -ая, -ое **покраска**-*га т.*; боёочу, сырдоочу, майлоочу; **покрасочные работы** боёо иштери.

**ПОКРАХМА'ЛИТЬ** *сов. что* крахмалдоо, крахмалдап чайкоо; **покрахмалить бельё** жуулган кирди крахмал менен чайкоо.

**ПОКРИВИ'ТЬ** *сов.* кыйшайтуу, ийрейтүү, чалырайтуу, майрыйтуу.

**ПОКРИВИ'ТЬСЯ** *сов.* кыйшаюу, ийрейүү, майрыюу; **забор покривился** дубал кыйшайып калды.

**ПОКРИ'КИВАТЬ** *несов. разг.* анда-санда бир кыйкырып коюу.

**ПОКРИТИКОВА'ТЬ** *сов. кого-что* критикалоо, сынга алуу.

**ПОКРО'В** *м.* **1.** (*верхний слой*) үстүнкү катмар, үстүнкү кабат; **2.** *поэт. уст.* (*покрывало*) жабуу, капкак; ◇ **под покровом ночи** түн жамынып.

**ПОКРОВИ'ТЕЛЬ** *м.* колдоочу, жактоочу, коргоочу, калкалагыч.

**ПОКРОВИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **покровитель.**

**ПОКРОВИ'ТЕЛЬСТВЕННО** *нареч.* колдоп, жактап, калкалап.

**ПОКРОВИ'ТЕЛЬСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое колдогон, колдоочу, жактоочу, жактаган; ◇ **покровительственная**

www.bizdin.kg

**окра́ска** айбандардын, жаныбарлардын түсүнүн айлана шарттын түрүнө окшоштугу.

**ПОКРОВИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* колдоочулук, жактоочулук, сактоочулук; **под покрови́тельством** *чего-л.* *бир нерсенин* колдоосу менен, *бир нерсенин* колдоосу астында.

**ПОКРОВИ'ТЕЛЬСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* колдоо, жактоо, сактоо, коргоо.

**ПОКРОИ'ТЬ** *сов. что* бычуу (*мис. кийим*).

**ПОКРО'Й** *м.* бычылыш (*кийимдин*); **мо́дный покро́й пла́тья** көйнөктүн мода боюнча бычылышы (*мода боюнча бычылган көйнөк*); ◇ **все на оди́н покро́й** бардыгы бирдей (*адамдар*).

**ПОКРОШИ'ТЬ** *сов. что* туурoo, күкүмдөө, майдалап туурап коюу, майдалоо, убалоо.

**ПОКРУЖИ'ТЬ** *сов.* 1. (*описывая круги*) айландырып чыгуу, айлантуу, тегеретүү, тегеретип чыгуу; 2. (*проблуждать*) адашып тегеренип калуу; 3. *кого* тегеретүү, айландыруу; **покружи́ть** *кого-л.* **в та́нце** *бирөөнү* танецте (бийде) чар көпөлөк айландыруу (тегеретүү).

**ПОКРУЖИ'ТЬСЯ** *сов.* айлануу, тегеренүү, айланып чыгуу, тегеренип чыгуу.

**ПОКРУТИ'ТЬ** *сов. что* 1. айландыруу, тегеретүү, кармалоо; **покрути́ть вещь в рука́х** колдогу буюмун кармалоо; 2. чыйратуу, эшүү; **покрути́ть усы́** муруттарын чыйратуу; 3. буроо (*бураманы*).

**ПОКРУТИ'ТЬСЯ** *сов.* чыйратылуу, эшилүү, буралуу, айландырылуу, чыйралуу.

**ПОКРЫВА'ЛО** *ср.* жабуу, жапкыч (*керебетти*).

**ПОКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **покры́ть.**

**ПОКРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **покры́ться;** 2. *страд. к* **покрыва́ть.**

**ПОКРЫ'ТИЕ** *ср.* 1. жабуу; **покры́тие до́ма черепи́цей** үйдү черепица менен жабуу; 2. (*расходов*) төлөө, ордун толтуруу, ордун тургузуу; 3. (*расстояния*) басуу, жүрүү, басып өтүү.

**ПОКРЫ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что чем* (*закрыть, укрыть*) жабуу; **покры́ть стол ска́тертью** столду дасторкон менен жабуу; **покры́ть ребёнка одея́лом** баланы жууркан менен жабуу; 2. *что* (*обить, обшить*) жабуу, каптоо; тыштоо (*напр. шубу*); **покры́ть дива́н плю́шем** диванды плюш менен каптоо; **покры́ть кры́шу черепи́цей** чатырды черепица менен жабуу; 3. *что* (*окутать*) каптоо, курчоо; **облака́ покры́ли не́бо** асманды булут каптады; 4. *что* (*закрасить*) жабуу, майлоо, боёо; **покры́ть ме́бель ла́ком** мебелди лак менен майлоо; 5. *что* (*оплатить*) төлөө, ордун толтуруу, ордуч тургузуу; **покры́ть долг** карызды төлөө; 6. *что* (*о звуках — заглушить*) басып кетүү, угузбай басып коюу; **го́лос ора́тора покры́л шум в за́ле** сүйлөп жаткан чечендин үнү залдагы ызы-чууну басып кетти; 7. *что* (*расстояние*) басуу, жүрүү, басып өтүү; 8. *кого* (*случить*) каратуу (*бээни айгырга*), кайытуу (*ыңгенди буурага*), куудуруу (*уйду букага, эчкини текеге, койду кочкорго*); 9. *что, карт.* жабуу, басуу; **покры́ть семёрку валётом** жетиликти балта менен басуу; 10. *что, перен.* (*помочь скрыть*) жашыруу, жаап-жашыруу, айтпоо; **покры́ть чей-л. просту́пок** *бирөөнүн* кылмышын жашыруу; 11. *кого-что, перен. прост.* (*раскритиковать, разбранить*) абдан сынап таштоо, тилдөө, сөгүү; ◇ **покры́ть та́йной** дайнын такыр билгизбөө, жигин билгизбөө.

**ПОКРЫ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*закрыться*) жамынуу, чүмкөнүү; **покры́ться одея́лом** жууркан жамынуу; 2. (*чем-л.*) капталуу, басылуу; **поля́ покры́лись сне́гом** талааны кар басты.

**ПОКРЫ'ШКА** *ж.* 1. *разг.* (*крышка*) капкак; 2. (*чехол на камеру*) покрышка; ◇ **ни дна ни покры́шки** *бран.* өлмөк турсун, жерге кирсин.

**ПОКРЯ'КИВАТЬ** *несов.* бак-бак этүү (*өрдөк*).

**ПОКРЯХТЕ'ТЬ** *сов. разг.* ыңкылдоо, ыңырашуу.

**ПОКУ'ДА** *нареч. и союз разг. см.* **пока́.**

**ПОКУПА'ТЕЛЬ** *м.* сатып алуучу, кардар.

**ПОКУПА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **покупа́тель.**

**ПОКУПА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сатып ала турган, сатып алуу; **покупа́тельная спосо́бность** сатып алуу жарамдуулугу (жөндөмдүүлүгү); **покупа́тельная си́ла де́нег** акчанын сатып алуу күчү.

**ПОКУПА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **покупатель**-*ге т.*; **покупа́тельские тре́бования** сатып алуучулардын талаптары.

**ПОКУПА'ТЬ** I *несов. что* сатып алуу.

**ПОКУПА'ТЬ** II *сов. кого* (*вы́купать*) сууга түшүрүү, киринтүү (*баланы*).

**ПОКУПА'ТЬСЯ** I *несов. страд. к* **покупа́ть** I.

**ПОКУПА'ТЬСЯ** II *сов. разг.* (*вы́купаться*) сууга түшүү, киринүү.

**ПОКУ'ПКА** *ж.* 1. (*действие*) сатып алуу; 2. (*вещь*) сатып алынган буюм (нерсе); **доста́вка поку́пок на́ дом** сатып алынган нерселерди үйгө жеткирүү.

**ПОКУПНО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*купленный*) сатылып алынган; 2. *см.* **покупа́тельный; покупна́я спосо́бность** сатып алуу жарамдуулугу (жөндөмдүүлүгү).

**ПОКУПЩИ'К** *м. уст.* сатып алуучу.

**ПОКУ'РИВАТЬ** *несов. что* анда-санда тамеки тартуу, анда-санда чылым тартуу.

**ПОКУРИ'ТЬ** *сов. что* тамеки тартуу, чылым тартуу.

**ПОКУСА'ТЬ** *сов. кого-что* тиштеп алуу, каап алуу; талоо, чагуу (*бүргө, кантала*); **его́ покуса́ла соба́ка** аны ит тиштеп алды.

**ПОКУСИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **покуша́ться.**

**ПОКУТИ'ТЬ** *сов. разг.* бир аябай ичкилик ичип тамаша кылуу.

**ПОКУ'ШАТЬ** *сов. что* тамак жеш, тамактануу.

**ПОКУША'ТЬСЯ** *сов. на кого-что* кол салуу, аракет кылуу (*жаман ой менен*); **покуша́ться на** *чью-л.* **жизнь** *бирөөнү* өлтүрүү үчүн кол салуу; **покуша́ться на чужо́е иму́щество** башканын мүлкүнө кол салуу.

**ПОКУШЕ'НИЕ** *ср.* кол салуу; **покуше́ние на** *чью-л.* **жизнь** *бирөөнү* өлтүрүү үчүн кол салуу.

**ПОЛ** I *м.* пол; **деревя́нный пол** тактай пол; **цементи́рованный пол** цементтелген пол.

**ПОЛ** II *м.* жыныс; **мужско́й пол** эркек; **же́нский пол** аял.

**ПОЛ=** *татаал сөздөрдүн «жарым» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү*; *мис.* **полчаса́** жарым саат; **уже́ полвторо́го** бирден жарым саат өтүп кетти (саат бир жарым болду).

**ПОЛА'** *ж.* 1. (*у одежды*) этек, өңүр; 2. (*полотнище*) ачылма кешегенүн ар бир жагы; ◇ **из-под полы́** астыртан, жең ичинен, билдирбей, тымызын (*сатуу*).

**ПОЛАГА'ТЬ** *несов.* божомолдоо, ойлоо, эсептөө; **я полага́ю, что сде́лаю рабо́ту в срок** ишти өз мөөнөтүндө бүтүрөмүн деп ойлойм; ◇ **на́до полага́ть** *в знач. вводн. сл.* =го деймин, =са керек.

**ПОРФИРОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое порфиралуу, порфира кийүүчү (*падыша*).

**ПОРХА'ТЬ** *несов.* 1. (*о птицах, бабочках*) бырпырап учуп жүрүү (*куштар, көпөлөк жөнүндө*); 2. *перен.* делдектеп, туруксуз болуп жүрө берүү.

**ПОРХНУ'ТЬ** *однокр.* бырпырап учуу (*бир жолу*).

**ПОРЦИО'Н** *м.* порция, үлүш.

**ПОРЦИО'ННО** *нареч.* порциялап, порция менен.

**ПОРЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое порциялык (*заказ боюнча айрым бөлүк кылып даярдап берген тамак*).

**ПО'РЦИЯ** *ж.* порция, үлүш; **две по́рции пло́ва** эки порция палоо.

**ПО'РЧА** *ж.* бузуу, иштен чыгаруу, жараксыз кылуу; **по́рча инструме́нтов** инструменттерди бузуу.

**ПО'РЧЕНЫЙ,** -ая, -ое бузулган, жарабай калган; **по́рченые проду́кты** бузулуп (жараксыз болгон) тамак-аштар.

**ПО'РШЕНЬ** I *м. тех.* поршень (*цилиндр ичиндеги буунy, газды тартуучу жана түртүүчү бишкек*).

**ПО'РШЕНЬ** II *м. обл.* (*обувь*) чокой.

**ПОРШНЕВО'Й,** -а́я, -о́е **поршень** I-*ге т.*; поршендик.

**ПОРЫ'В** *м.* 1. (*ветра*) катуу кыймыл (*шамалдын*); 2. *перен.* (*о чувствах*) катуу умтулуу, толкуй түшүү, келип туруу; **в поры́ве ра́дости** кубаныч толкуй түшкөндө; **в поры́ве гне́ва** ачуу келип турганда.

**ПОРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **порва́ть** 2.

**ПОРЫВА'ТЬСЯ** I *несов. с неопр.* (*пытаться*) умтулуу, тырышуу, ээлигүү.

**ПОРЫВА'ТЬСЯ** II *несов. страд. к* **порыва́ть.**

**ПОРЫ'ВИСТОСТЬ** *ж.* 1. (*ветра*) желп эткендик, булк эткендик; 2. (*резкость*) булкунгандык, жулкунгандык; 3. (*пылкость*) кызуу кандуулук, кызып кетмелик.

**ПОРЫ'ВИСТЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о ветре*) желп этме, булк этме (*шамал*); 2. (*резкий*) жулкунган, жулкма, булкма; **поры́вистые движе́ния** булкма кыймыл; 3. (*пылкий*) кызуу кандуу, кызып кетме.

**ПОРЫЖЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* саргайган, жээрде тарткан.

**ПОРЫЖЕ'ТЬ** *сов.* саргаюу, жээрде тартуу.

**ПОРЫ'ТЬ** *сов. что* казуу.

**ПОРЫ'ТЬСЯ** *сов. разг.* казып издөө, казып аңтаруу; **поры́ться в песке́** кумду казып издөө; **поры́ться в карма́нах** чөнтөгүн аңтарып издөө; ◇ **поры́ться в па́мяти** *разг.* эске түшүрүп көрүү.

**ПОРЯ'ДКОВЫЙ,** -ая, -ое катар, иреттеги, иреттик; **поря́дковый но́мер** катар номер; ◇ **поря́дковое числи́тельное** *грам.* иреттик сан атооч.

**ПОРЯ'ДКОМ** *нареч. разг.* (*весьма*) абдан, бир кыйла, бир топ, бир далай; **мне э́то поря́дком надое́ло** бул мени абдан жадатты.

**ПОРЯ'ДОК** *м.* 1. тартип; **навести́ поря́док** тартипке келтирүү (оңдоо); **привести́ в поря́док все дела́** бардык иштерди тартипке келтирүү; **в поря́дке** 1) (*в исправном виде*) түзүк, дурус; 2) *перен.* (*благополучно*) дурус, өз жайында; **для поря́дка** 1) тартипти сактоо үчүн; 2) (*для соблюдения обычая*) үрп-адатты сактоо үчүн; 2. (*последовательность*) катар, тартип, биринин артынан бири; **алфави́тный поря́док** алфавит тартиби; 3. (*способ, метод*) ирет, тартип, жол, метод, түр; **поря́док проведе́ния конфере́нции** конференцияны өткөрүү тартиби; **в поря́дке контро́ля** контроль кылуу иретинде; **в обяза́тельном поря́дке** милдеттүү түрдө; **в спе́шном поря́дке** шашылыш түрдө; 4. (*строй, система управления*) түзүлүш, тартип (*бийликтин түзүлүшү*); 5. (*обычай, обыкновение*) каада, үрп-адат, колдонгон адат; **по заведённому поря́дку** колдонулуп келе жаткан адат боюнча; 6. *воен.* (*строй*) тартип; **в боево́м поря́дке** согуштук тартипте; ◇ **вопро́с филосо́фского поря́дка** философияга таандык маселе; **в поря́дке веще́й** кадимкидей эле боло бере турган; **поря́док дня** күн тартиби (*каралуучу маселелер*); **призва́ть к поря́дку** тартипке чакыруу.

**ПОРЯ'ДОЧНО** *нареч. разг.* 1. (*много, значительно*) бир далай, бир топ, бир кыйла, көп; **ждать пришло́сь поря́дочно** бир кыйла күтүүгө туура келди; 2. (*честно*) ак ниеттүүлүк менен, кишиликтик менен; **он поступи́л поря́дочно** ал кишиликтик иш кылды.

**ПОРЯ'ДОЧНОСТЬ** *ж.* ак ниеттүүлүк, тууралык; **э́то говори́т о его́ поря́дочности** бул анын ак ниеттүүлүгүн билгизет.

**ПОРЯ'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*честный*) дурус, ак ниеттүү, абийирдүү; **поря́дочный челове́к** ак ниеттүү киши, дурус киши; 2. *разг.* (*довольно большой*) бир далай, бир кыйла, көп, бир топ; **сего́дня поря́дочный моро́з** бүгүн бир кыйла суук болуп турат; 3. *разг.* (*довольно хороший*) бир кыйла жакшы, жетишерлик сонун, жакшы; **вполне́ поря́дочный костю́м** бир кыйла жакшы костюм.

**ПОСА'Д** *м. ист.* посад (1. *байыркы убакта — шаардын сыртындагы соода-өнөр жай бөлүгү*; 2. *шаар тибиндеги посёлок*).

**ПОСАДИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*растения*) отургузуу, тигүү; **посади́ть де́рево** жыгач отургузуу, жыгач тигүү; 2. *кого* (*усадить*) отургузуу, түшүрүү; **посади́ть в по́езд** поездге отургузуу (түшүрүү); 3. *кого* (*поместить*) отургузуу, камоо; **посади́ть в тюрьму́** түрмөгө отургузуу (камоо); ◇ **посади́ть больно́го на дие́ту** ооруулуу кишини диетага отургузуу; **посади́ть пятно́** так салуу, так түшүрүү; **посади́ть пиро́г в печь** пирогду мешке салуу; **посади́ть в гало́шу** *разг.* сызга отургузуу, акмак кылуу; **посади́ть на скамью подсуди́мых** сот жообуна тартуу.

**ПОСА'ДКА** *ж.* 1. (*растений*) отургузуу, тигүү; 2. (*то, что посажено*) отургузулган, тигилген (*тал, картошка ж. б.*); 3. (*в поезд, на пароход*) посадка, отургузуу, түшүрүү; 4. *ав.* посадка, конуу, кондуруу; 5. (*при езде верхом*) минүү түрү, отуруу түрү; **краси́вая поса́дка кавалери́ста** кавалеристтин атка көркөм отурушу.

**ПОСА'ДНИК** *м. ист.* посадник (*Байыркы Руста — шаар, область башкаруучу князь*).

**ПОСА'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*для посадки растений*) отургузуучу, тигүүчү, отургуза турган, тиге турган; **поса́дочные маши́ны** отургузуучу (тигүүчү) машиналар; **поса́дочный материа́л** отургуза (тиге) турган материал; 2. *ав.* конуучу, кондуруучу, коно турган; **поса́дочная площа́дка** самолёт кондуруучу аянт.

**ПОСА'ДСКИЙ,** -ая, -ое 1. **посад** 1-*ге т.*; посаддык; **поса́дские лю́ди** посаддык адамдар; 2. **посад** 2-*ге т.*; посаддык, шаар тибиндеги посёлоктук; **поса́дское населе́ние** посаддык калк.

**ПОСАЖЁНЫЙ,** -ая, -ое: **посажёный оте́ц** өкүл ата; **посажёная мать** өкүл эне.

**ПОСА'ПЫВАТЬ** *несов. разг.* акырын бышылдоо, акырын коңурук тартуу (*во сне*).

**ПОСА'СЫВАТЬ** *несов. что* соруу, эмүү, соро берүү.

**ПОСА'ХАРИТЬ** *сов. что, разг.* кант себүү, канттоо.

**ПОСВА'ТАТЬ** *сов. кого* куда түшүү, куда түшүрүү, жуучу түшүү, жуучу түшүрүү.

**ПОСВА'ТАТЬСЯ** *сов. к кому* жуучу түшүрүү, кыз айттыруу.

www.bizdin.kg

**ПОСВЕЖЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*похолодать*) коңур салкын тартуу, салкын тартуу; **2.** (*стать здоровее*) ден соолук оңолуу, өңүнө чыгуу.

**ПОСВЕТИ'ТЬ** *сов.* 1. (*некоторое время*) жарык кылып туруу, жарык кылуу; **2.** *кому-чему* (*осветить путь, предмет*) жарык түшүрүү.

**ПОСВЕТЛЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*стать светлее*) жарык тартуу, жарык боло баштоо; **2.** *перен.* (*стать радостнее*) көңүл ачылуу, жайдары болуу, кубанып маңдайы жарык болуу, кабагы ачыла баштоо.

**ПО-СВИ'НСКИ** *нареч. разг.* чочкочо, чочкодой; **поступить по-свински** чочкодой иш кылуу, иттик кылуу.

**ПО'СВИСТ** *м. разг.* ышкырык; ◇ **знает собака хозяйский посвист** *погов.* ээсинин ышкырыгын ит билет.

**ПОСВИСТА'ТЬ** *сов. см.* **посвистеть.**

**ПОСВИСТЕ'ТЬ** *сов.* ышкыруу, ышкырып коюу.

**ПОСВИ'СТЫВАТЬ** *несов.* ышкыруу, анда-санда ышкырып коюу, ышкырынуу.

**ПО-СВО'ЕМУ** *нареч.* өзүнчө, өзүнүн билгениндей, өзүнүн оюнча (*по своему мнению*); өзүнүн каалашынча, өзүнүн каалоосу боюнча (*по своему желанию*).

**ПО-СВО'ЙСКИ** *нареч. разг.* 1. (*по-своему*) өзүнчө, өз билгенинче; 2. (*по-родственному*) өз кишисинче, тууганынча, өз жакынынча, өздөй көрүп; **скажу тебе по-свойски** мен сага өз кишимдей көрүп айтамын.

**ПОСВЯТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого во что* түшүндүрүү, айтып берүү, айтып билдирүү; **посвятить друга в свои планы** досуна өзүнүн планын айтып берүү; **2.** *что кому-чему* (*предназначить*) арноо, берүү, багыштоо, жумшоо; **посвятить свою жизнь народу** өзүнүн өмүрүн элге арноо; **3.** *кого-что, уст.* (*возвести в сан*) наам берүү, диний наам берүү; **посвятить в рыцари** рыцарь наамын берүү.

**ПОСВЯЩА'ТЬ** *несов. см.* **посвятить.**

**ПОСВЯЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. билдирүү, айтып берүү, түшүндүрүү; **посвящение в тайну** жашырын сырды билдирүү; **2.** (*подпись в начале произведения*) арноо, багыштоо; 3. *уст.* (*возведение в сан*) наам берүү, диний наам берүү.

**ПОСЕ'В** *м.* 1. (*действие*) айдоо, себүү; **время посева** айдоо убагы; 2. (*то, что посеяно*) айдоо, эгин.

**ПОСЕВНА'Я** *ж. см.* **посевной 2.**

**ПОСЕВНО'Й**, -ая, -ое **1.** посев-ге *m.*; **посевная кампания** айдоо (себүү) кампаниясы; **2.** *в знач. сущ. ж.* айдоо кампаниясы.

**ПОСЕДЕ'ТЬ** *сов.* агаруу, ак кирүү, буурул тартуу; **у меня поседели волосы** менин чачым агарып калды.

**ПОСЕЙЧА'С** *нареч. разг.* ушул убакка дейре, ушул убакка чейин; **я и посейчас работаю на заводе** мен ушул убакка дейре заводдо иштеп жүрөм.

**ПОСЕКРЕ'ТНИЧАТЬ** *сов. разг.* жашырып айтуу, жашырын сүйлөшүү, сырдашуу.

**ПОСЕЛЕ'НЕЦ** *м.* 1. жаңы жайга биринчи көчүп барып жайланышуучу, биринчи болуп байыр алуучу; 2. *уст.* (*ссыльный*) жер которуп айдалып келген, сүргүнгө келген.

**ПОСЕЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жайлаштыруу, жай алдыруу, байыр алдыруу; **2.** (*селение*) посёлок, кыштак; **3.** *уст.* (*ссылка*) айрым жерлерге зордук менен көчүрүп байыр алдыруу.

**ПОСЕЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* жайлаштыруу, орундаштыруу; ◇ **поселить сомнение** күмөн туудуруу.

**ПОСЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* жайланышуу, турак жай алуу; **поселиться в центре города** шаардын ортосуна жайланышуу.

**ПОСЕЛКО'ВЫЙ**, -ая, -ое **посёлок**-*ко m.*; посёлоктук; **поселковый совет** посёлоктук совет.

**ПОСЁЛОК** *м.* посёлок, кыштак; **рабочий посёлок** жумушчулар посёлогу.

**ПОСЕЛЯ'НИН** *м. поэт. уст.* дыйкан.

**ПОСЕЛЯ'НКА** *женск. р. к* **поселянин.**

**ПОСЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **поселить.**

**ПОСЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **поселиться; 2.** *страд. к* **поселять.**

**ПОСЕМУ'** *нареч. уст. см.* **поэтому;** ◇ **быть посему** ушундай эле болсун.

**ПОСЕРДИ'ТЬСЯ** *сов.* ачуулануу, ачууланып туруу, бир аз ачуулануу, бир аз таарынуу.

**ПОСЕРЕБРИ'ТЬ** *сов. что* **1.** күмүштөө, күмүш жабуу, күмүштүн буусуна кармоо; **2.** *перен.* ак кылуу, буурул кылуу; **время посеребрило ему бороду** убакыт анын сакалын буурул кылды.

**ПОСЕРЕДИ'НЕ 1.** *предлог с род. п.* ортосунда; **посередине комнаты стоял стол** бөлмөнүн ортосунда стол турган эле; **2.** *нареч.* орто ченинде, орто жеринде, ортосунда.

**ПОСЕРЕ'ТЬ** *сов.* бозоруу, бозомук тартуу.

**ПОСЕТИ'ТЕЛЬ** *м.* келүүчү; **постоянные посетители читальни** окуу үйүнө дайыма келүүчүлөр.

**ПОСЕТИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **посетитель.**

**ПОСЕТИ'ТЬ** *сов. кого-что* баруу, келүү; **посетить музей** музейге баруу.

**ПОСЕ'ТОВАТЬ** *сов.* **1.** *на кого-что* (*пожаловаться*) даттануу, арызданнуу, даттоо; **посетовать на свою болезнь** өзүнүн ооругандыгына даттануу; **2.** *о ком-чём* (*пожалеть*) кайгыруу, өкүнүү, ичи ооруп калуу; **посетовать о пропавших вещах** жоголгон буюмдарга ичи ооруп калуу.

**ПОСЕ'ЧЬСЯ** *сов.* **1.** (*о тканях*) кырчылып жыртылуу, үзүлүп жыртылуу; **2.** (*о волосах*) кырчылып түшүү.

**ПОСЕЩА'ЕМОСТЬ** *ж.* катышуучулук, келүүчүлүк; **высокая посещаемость занятий** занятиелерге көп келүүчүлүк.

**ПОСЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **посетить.**

**ПОСЕЩЕ'НИЕ** *ср.* катышуу, келүү.

**ПОСЕ'ЯТЬ** *сов. что* **1.** себүү, айдоо (*эгинди*); **2.** *перен. разг.* (*потерять*) жоготуу; ◇ **что посеешь, то и пожнёшь** *посл.* эмне эксең, ошону оросуң.

**ПОСИДЕ'ЛКИ** *только мн. обл.* кыштын күнү кечинде жаштардын тамаша кылып көңүл ачып отурушу.

**ПОСИДЕ'ТЬ** *сов.* отуруу, отуруп келүү, бир аз убакка чейин отуруу; **посидеть на свежем воздухе** таза абада отуруу; **посидеть у знакомых** тааныштарыныкында бир аз отуруу.

**ПОСИ'ЖИВАТЬ** *несов. разг.* отура берүү, бир кыйла отуруу, отуруп убакыт өткөрүү.

**ПОСИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое колдон келе турган, колдон келишинче; **оказать посильную помощь** колдон келишинче жардам көрсөтүү; **эта работа мне посильна** бул жумуш менин колумдан келет.

**ПОСИНЕ'ТЬ** *сов.* көгөрүү, көгүш тартуу, көгөрүп кетүү; **посинеть от холода** сууктан көгөрүп кетүү.

**ПОСКАКА'ТЬ** *сов.* 1. (*попрыгать*) секирип чуркоо; 2. (*поехать вскачь*) ат менен чабуу, атка минип чабуу, атка чабуу, таскактатуу.

**ПОСКОБЛИ'ТЬ** *сов. что* анча-мынча жонуу (*напр. доску*); сүрүү, кыруу; үстүн бир аз кыруу, сүрүү (*напр. морковь*).

**ПОСКОЛЬЗНУ'ТЬСЯ** *сов.* тайгалануу, тайгаланып кетүү, таюу.

**ПОСКО'ЛЬКУ** *союз* андыктан, себептүү, ≠гандыктан, болгону үчүн.

**ПОСКОРЕ'Е** *сравн. ст. от нареч.* **скоро** тезирээк, ылдамыраак, батыраак; **поскорее приходи домой** үйгө тезирээк кел.

**ПОСКРЕСТИ'** *сов. что* кытыратып кыруу, кытыратуу, кырып жышуу.

**ПОСКРЕСТИ'СЬ** *сов.* тырмалап, кемирип кытыратуу (*мис. чычкан*).

**ПОСКРИПЕ'ТЬ** *сов.* бир аз кычыроо, бир аз кыйчылдоо.

**ПОСКРИ'ПЫВАТЬ** *несов.* кыйчылдап туруу, кычырап туруу, кычырай берүү.

www.bizdin.kg

**ПОСКУПИ'ТЬСЯ** *сов.* сараңдануу, сараңдык кылуу.

**ПОСКУЧА'ТЬ** *сов.* зеригүү, зеригип жүрүү, эригүү, сагынуу.

**ПОСЛАБЛЕ'НИЕ** *ср.* жумшактык кылуу, жумшак мүнөздүк кылуу; **не допускáть послаблéний** жумшактыкка жол бербөө.

**ПОСЛА'НЕЦ** *м.* өкүл катарында жиберилген адам, элчи.

**ПОСЛА'НИЕ** *ср.* 1. (*письмо*) послание, кат; 2. *лит.* кат, арнап жазуу (*бирөөгө кайрылып жазылган чыгарма*).

**ПОСЛА'ННИК** *м.* 1. *дип.* посланник, элчи, өкүл; 2. *уст.* (*посланец*) шайланып жиберилген адам.

**ПОСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* жиберүү, жумшоо, айтуу; **послáть телегрáмму** телеграмма жиберүү; **послáть в письмé привéт знакóмым** катта тааныштарга салам айтуу; ◇ **послáть мяч в ворóта** топту дарбазага киргизүү; **послáть к чёрту** *разг.* «жогол, көзүмө көрүнбө!» деп айдап чыгуу.

**ПО'СЛЕ** 1. *нареч.* кийин, анан, соң; **поговорим об э́том пóсле** бул жөнүндө кийин сүйлөшөбүз; 2. *предлог с род. п.* кийин, соң; **я не вúдел егó пóсле егó возвращéния** мен аны ал кайтып келгенден кийин көргөн жокмун.

**ПОСЛЕ-** *татаал сөздөрдүн «кийинки» деген түшүнүктү берүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **послеобéденный** түштөн кийинки, түшкү тамактан кийинки.

**ПОСЛЕВОЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое согуштан кийинки.

**ПОСЛЕ'Д** *м. анат.* тон (*курсактагы баланын тону*); чөп (*малдын чөбү*).

**ПОСЛЕДИ'ТЬ** *сов. за кем-чем* байкоо, көзөмөлдөө, көз салуу, аңдуу; **последúть за детьмú** балдарга көз салуу.

**ПОСЛЕ'ДКИ** *только мн. разг.* калдыктар, түбү (*тамактын түбү*).

**ПОСЛЕ'ДНИЙ,** -яя, -ее 1. акыркы, кийинки, соңку; **послéдний день недéли** жуманын акыркы күнү; **за послéднее врéмя** кийинки убакытта; 2. (*окончательный*) акыркы; **послéдняя инстáнция** акыркы (эң жогорку) инстанция; **э́то моё послéднее слóво** бул менин акыркы айткан сөзүм; 3. (*новейший*) кийинки, акыркы, жаңы; **послéдние достижéния тéхники** техниканын кийинки (жаңы) жетишкендиктери; **послéдние извéстия** акыркы кабарлар; 4. *в знач. сущ. ср.* акыркысы, кийинкиси, колдо бары; **отдáть послéднее** колунда барын аябоо; ◇ **борóться до послéднего** бардык күчтү жумшоо; **до послéдней крáйности** акыркы чекке чейин; **послéдний сын** кенже уул, эң кичүү уул; **игрáть не послéднюю роль** бир топ көрүнүктүү роль ойноо; **быть на послéднем плáне** көзгө чалынгыс, байкалбас болуу; акыркы орунда туруу; **послéдний час** акыркы саат (*өлүмдүн*); **послéдний вздох** эң акыркы дем чыгаруу (*өлөр алдында*); **провожáть** *кого-л.* **в послéдний путь** акыркы сапарына узатуу (*өлгөн кишини*); **отдáть послéдний долг** өлгөнгө баруу; **э́то послéднее дéло** эң эле барып турган жаман иш; **послéдний сорт** эң эле жаманы.

**ПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬ** *м.* жолун жолдоочу, ишин улантуучу; **послéдователи Мичýрина** Мичуриндин ишин улантуучулар *же* жолун жолдоочулар.

**ПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **послéдователь.**

**ПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНО** *нареч.* ырааттуу түрдө, тартиби менен.

**ПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*упорядоченность*) ырааттуулук, тартиптүүлүк, биринин артынан бири келүүчүлүк; 2. (*логичность*) карама-каршылыксыздык.

**ПОСЛЕ'ДОВАТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*следующий один за другим*) ырааттуу, тартиптүү, биринин артынан бири келүүчү; 2. (*логичный*) карама-каршылыксыз.

**ПОСЛЕ'ДОВАТЬ** *сов.* 1. *за кем-чем* (*пойти, поехать*) изи менен баруу, ээрчишүү, артынан жүрүү, артынан жөнөө; 2. *кому-чему, перен.* жолун жолдоо; 3. (*произойти после чего-л.*) андан соң болуу, андан кийин келүү; **вслед за мóлнией послéдовал удáр грóма** чагылган жарк эткенден кийин күн күркүрөдү.

**ПОСЛЕ'ДСТВИЕ** *ср.* аягы, натыйжа, түбү; **послéдствие болéзни** оорунун натыйжасы; ◇ **остáвить без послéдствий** натыйжасыз калтыруу.

**ПОСЛЕ'ДУЮЩИЙ,** -ая, -ее кийинки, соңку, кезектеги.

**ПОСЛЕ'ДЫШ** *м.* 1. *прост.* кенже, эң кичүү (*бала*); 2. *перен. презр.* калдык, саркынды (*мис. кандайдыр бир калып калган идеологиянын жактоочусу*).

**ПОСЛЕЗА'ВТРА** *нареч.* бүрсүгүнү.

**ПОСЛЕЗА'ВТРАШНИЙ,** -яя, -ее бүрсүгүнкү, бүрсүгүнү боло турган.

**ПОСЛЕЛО'Г** *м. лингв.* послелог, жандооч сөз (*мис.* менен, соң, кийин *ж. б.*).

**ПОСЛЕОБЕ'ДЕННЫЙ,** -ая, -ое обедден кийинки, түшкү тамактан кийинки, түштөн кийинки; **послеобéденный óтдых** түшкү тамактан кийинки эс алуу.

**ПОСЛЕОКТЯ'БРЬСКИЙ,** -ая, -ое Октябрден кийинки (*Октябрь революциясынан кийинки*).

**ПОСЛЕРЕВОЛЮЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое революциядан кийинки.

**ПОСЛЕРОДОВО'Й,** -áя, -óе төрөттөн кийинки, туугандан кийинки; **послеродовóй перúод** төрөттөн кийинки мезгил.

**ПОСЛЕСЛО'ВИЕ** *ср.* китептин аягындагы корутунду сөз, акыркы сөз.

**ПОСЛЕУДА'РНЫЙ,** -ая, -ое: **послеудáрный слог** *лингв.* басымдуу муундан кийинки муун.

**ПОСЛО'ВИЦА** *ж.* макал; ◇ **войтú в послóвицу** макал болуп калуу, макалга айлануу.

**ПОСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое сөзмө-сөз, ар бир сөзүнө, сөз боюнча.

**ПОСЛУЖИ'ТЬ** *сов.* 1. *чем* болуу, эсептелүү; **послужúть причúной** себеп болуу; 2. (*некоторое время*) кызмат кылуу, кызмат кылып жүрүү.

**ПОСЛУЖНО'Й,** -áя, -óе: **послужнóй спúсок** *уст.* кызматы жөнүндөгү маалымат тизме (*согуштук же граждандык*), эмгек книжкасы.

**ПОСЛУША'НИЕ** *ср.* тил алуу, бой сунуу, моюн сунуу, багынуу.

**ПОСЛУ'ШАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* угуу, угуп отуруу; **послýшать лéкцию** лекцияны угуу; 2. *кого-чего* (*повиноваться*) тил алуу, айтканына көнүү, угуу; **послýшать** *чьего-л.* **совéта** *бирөөнүн* кеңешин угуу; ◇ **послýшай** ук чу, карачы; **послýшайте** угуңузчу, караңызчы; **послýшайте, ведь э́то невéрно!** караңызчы, бул жалган эмеспи!

**ПОСЛУ'ШАТЬСЯ** *сов. кого-чего* тил алуу, макул болуу, айтканга көнүү, көнүү.

**ПО'СЛУШНИК** *м. церк.* послушник (*монастырда жашап, монах болууга даярданып жүргөн адам*).

**ПО'СЛУШНИЦА** *женск. р. к* **пóслушник.**

**ПОСЛУ'ШНО** *нареч.* тил алып, жок дебей.

**ПОСЛУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое тил алгыч, элпек; **послýшный ребёнок** тил алгыч бала.

**ПОСЛЫ'ШАТЬСЯ** *сов.* 1. (*раздаться*) угулуу, угулуп калуу; **послы́шались** *чьи-то* **шагú** *бирөөнүн* баскан дабышы угулду; 2. (*показаться*) көрүнүү, угулуу; **мне послы́шался стук** мага тарсылдаткан үн угулгандай болуп көрүндү.

**ПОСЛЮНИ'ТЬ** *сов. что, разг.* шилекейлөө.

**ПОСМА'ТРИВАТЬ** *несов. на кого-что* карануу, карай берүү; **посмáтривать на часы́** саатка карай берүү.

**ПОСМЕ'ИВАТЬСЯ** *несов.* күлүү, күлө берүү; **посмéиваться про себя́** өз ичинен күлүү.

**ПОСМЕ'ННО** *нареч.* смена менен, кезек менен, биринен кийин бири; **рабóтать посмéнно** смена менен иштөө.

**ПОСМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое **смена** 2-*ге т.*; смена менен болуучу, сменалык, кезек менен алмашуучу; **посмéнное дежýрство** смена боюнча алмашуучу дежурство.

**ПОСМЕ'РТНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о произведениях*) өлгөндөн кийинки; 2. (*происшедший после смерти*) өлгөндөн

www.bizdin.kg

кийин, өлгөн соң; **посмéртная слáва** өлгөндөн кийинки даңк.

**ПОСМЕ'ТЬ** *сов. с неопр.* батынуу, дитинүү, дит багуу, оозу барып айтуу.

**ПОСМЕШИ'ТЬ** *сов. кого* күлдүрүү, күлкүсүн келтирүү.

**ПОСМЕ'ШИЩЕ** *ср.* 1. (*предмет насмешек*) эл оозунда шылдың болгон, шылдыңга калган; **стать посмéшищем** эл оозунда шылдың болуу; 2. *уст.* (*глумление*) шылдың кылуу, шылдыңга калтыруу, маскара кылуу.

**ПОСМЕЯ'НИЕ** *ср. см.* **посмéшище** 2.

**ПОСМЕЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*некоторое время*) күлүү, бир аз күлүп алуу; 2. *над кем-чем* шылдыңдоо, шылдың кылып күлүү.

**ПОСМОТРЕ'ТЬ** *сов.* 1. көрүү, карап көрүү, кароо; **посмотрéть на себя́ в зéркало** өзүн күзгүдөн кароо; 2. *за кем-чем* (*последить*) кароо; 3. *только с отриц. разг.* кароо; **он не посмотрéл ни на что́ и уéхал** ал эч нерсеге карабай эле жөнөп кетти; ◇ **посмотрю́** көрөөрмүн; **посмо́трим** көрөөрбүз; **посмотрю́, éсли успéю — зайду́** көрөөрмүн, эгерде үлгүрсөм — киремин (келемин).

**ПОСМОТРЕ'ТЬСЯ** *сов.*: **посмотрéться в зéркало** күзгүгө карануу.

**ПОСО'БИЕ** *ср.* 1. (*помощь*) пособие, жардам; **получи́ть посóбие** пособие алуу; 2. (*учебник, книга*) пособие, окуу китеби, окуу куралы, курал; **нагля́дные посóбия** көрсөтмө куралдар.

**ПОСОБИ'ТЬ** *сов. кому-чему, разг.* жардамдашуу, көмөк берүү, кол кабыш кылуу.

**ПОСО'БНИК** *м.* жардам кылуучу (*кылмыштуу ишке*).

**ПОСО'БНИЦА** *женск. р. к* **посóбник**.

**ПОСО'БНИЧЕСТВО** *ср.* жардам кылуучулук (*кылмыштуу ишке*).

**ПОСО'ВЕСТИТЬСЯ** *сов. кого-чего и с неопр.* уялуу, намыстануу, ардануу.

**ПОСОВЕ'ТОВАТЬ** *несов. кому что и с неопр.* кеңеш берүү, акыл айтуу.

**ПОСОВЕ'ТОВАТЬСЯ** *сов. с кем* акыл суроо, кеңеш суроо (*просить совета*); кеңешүү, кеңешип пикир алышуу, акылдашуу (*обменяться советами*).

**ПОСОДЕ'ЙСТВОВАТЬ** *сов. кому-чему в чём* кол кабыш кылуу, жардамдашуу, жардам берүү.

**ПОСО'Л** *м.* 1. *дип.* посол, элчи, өкүл; 2. *разг.* (*посланец*) өкүл катарында жиберилген адам, элчи.

**ПОСОЛИ'ТЬ** *сов. что* туздоо, туздай түшүү.

**ПОСОЛОВЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое *разг.* көзү киртийген, көзү өлүңкү тартып калган, үлүйгөн (*мас болгондо*); **посоловéлый взгляд** үлүйгөн көз (*үлүйүп караш*).

**ПОСОЛОВЕ'ТЬ** *сов. разг.* (*о глазах, взгляде*) көз өлүңкү тартуу, үлүйүү (*мас болгондо.*)

**ПОСО'ЛЬСКИЙ**, -ая, -ое **посол** 1-*ге т.*; посолдук.

**ПОСО'ЛЬСТВО** *ср.* посольство, элчилик.

**ПОСОСА'ТЬ** *сов. что* соруу; эмүү (*напр. о грудном ребёнке*).

**ПО-СОСЕ'ДСКИ** *нареч.* кошунача, коңшуча.

**ПО'СОХ** *м.* аса таяк.

**ПОСО'ХНУТЬ** *сов.* кургоо, кургап калуу (*напр. о белье*); кууроо, куурап калуу (*о цветах*).

**ПОСОЧУ'ВСТВОВАТЬ** *сов. кому* боору ачуу, боору ооруу.

**ПОСПА'ТЬ** *сов.* уктоо, бир аз уктоо, кичине уктоо.

**ПОСПЕВА'ТЬ** I *несов. см.* **поспéть** I.

**ПОСПЕВА'ТЬ** II *несов. см.* **поспéть** II.

**ПОСПЕ'ТЬ** I *сов.* (*созреть; свариться*) бышуу, жетилүү; **я́блоки поспéли** алмалар бышты; **мя́со поспéло** эт бышты.

**ПОСПЕ'ТЬ** II *сов. разг.* (*успеть*) үлгүрүү; **поспéть на пóезд** поездге үлгүрүү.

**ПОСПЕШИ'ТЬ** *сов.* шашуу, ашыгуу; ◇ **поспеши́шь — людéй насмеши́шь** *посл.* шашкан — ашка бышкан.

**ПОСПЕ'ШНО** *нареч.* шашылыш түрдө, шашылып.

**ПОСПЕ'ШНОСТЬ** *ж.* шашылыштык, ашыгычтык.

**ПОСПЕ'ШНЫЙ**, -ая, -ое эң шашылыш, ашыгыч; **поспéшный отъéзд** шашылыш түрдө кетүү; **поспéшное решéние** шашып чыгарылган чечим.

**ПОСПЛЕ'ТНИЧАТЬ** *сов.* ушактоо, ушак жүргүзүү, ушак айтуу.

**ПОСПО'РИТЬ** *сов.* 1. талашуу, айтышуу; **он люби́л поспóрить** ал талашууну жакшы көрчү; 2. (*заключить пари*) мелдешүү, сайышуу; **поспóрить на что́-либо** бир нерсеге мелдешүү.

**ПОСРАМИ'ТЬ** *сов. кого-что* маскаралоо, уят кылуу, уятка калтыруу, маскара кылуу.

**ПОСРАМИ'ТЬСЯ** *сов.* уят болуу, уятка калуу, маскара болуу.

**ПОСРАМЛЕ'НИЕ** *ср.* уяткаруу, маскаралоо, уят кылуу, уятка калтыруу, маскара кылуу, уят болуу, уятка калуу, маскара болуу.

**ПОСРАМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **посрами́ть**.

**ПОСРЕДИ'** 1. *предлог с род. п.* ортосунда; **посреди́ у́лицы** көчөнүн ортосунда; 2. *нареч.* ортосунда, орто ченинде.

**ПОСРЕДИ'НЕ** *см.* **посреди́**.

**ПОСРЕ'ДНИК** *м.* 1. (*комиссионер*) далдал; 2. (*в споре*) арачы, элдештирүүчү.

**ПОСРЕ'ДНИЦА** *женск. р. к* **посрéдник** 2.

**ПОСРЕ'ДНИЧАТЬ** *несов. разг.* далдалдык кылуу; арачы болуу.

**ПОСРЕ'ДНИЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **посредник**-*ке т.*

**ПОСРЕ'ДНИЧЕСТВО** *ср.* далдалчылык; элдештирүүчүлүк, арачылык.

**ПОСРЕ'ДСТВЕННО** 1. *нареч.* орто, орточо; **он у́чится посрéдственно** ал орточо окуйт; 2. *в знач. неизм. сущ. ср.* (*отметка*) орто (*баа*).

**ПОСРЕ'ДСТВЕННОСТЬ** *ж.* 1. ортолук; 2. *перен.* (*о человеке*) шыгы жок, талантсыз (*киши*).

**ПОСРЕ'ДСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое орточо, анча кызык эмес, сулуу эмес.

**ПОСРЕ'ДСТВО** *ср.*: **при посрéдстве** *или* **чéрез посрéдство** жардамы менен, аркылуу, аркасында.

**ПОСРЕ'ДСТВОМ** *предлог с род. п.* жардамы менен, аркылуу, аркасында; **посрéдством микроскóпа** микроскоптун жардамы менен.

**ПОСРЕ'ДСТВУЮЩИЙ**, -ая, -ее байланыштыргыч, байланыштыруучу, ортосундагы.

**ПОССО'РИТЬ** *сов. кого с кем* урuштуруу, уруштуруп коюу, араз кылып коюу, кериштирүү.

**ПОССО'РИТЬСЯ** *сов. с кем* урушуу, урушуп калуу, чатакташуу, чатакташып калуу.

**ПОСТ** I *м.* 1. (*должность*) орун, жогорку кызмат, жооптуу кызмат орууну; 2. пост, кароол, күзөт; **наблюдáтельный пост** байкоочу пост (күзөт); **стоя́ть на посту́** постто (кароолдо, күзөттө) туруу; ◇ **умерéть на своём посту́** өз кызматында туруп өлүү.

**ПОСТ** II *м. рел.* орозо.

**ПОСТА'В** *м.* 1. (*жернова́*) тегирмендин таштары; 2. *обл.* (*ткацкий стан*) өрмөк.

**ПОСТА'ВИТЬ** I *сов.* 1. *кого-что* (*придать стоячее положение, заставить стоять*) тургузуп коюу, тикесинен коюу, орнотуу; 2. *что* (*поместить*) коюу, коюп коюу; **постáвить маши́ну в гарáж** машинаны гаражга коюу; 3. *что* (*приложить*) коюу; **постáвить компрéсс** компресс коюу; 4. *что* (*устроить, построить*) тургузуу, коюу, орнотуу; **постáвить пáмятник** эстелик тургузуу; **постáвить телефóн** телефон коюу; 5. *что* (*написать*) коюу, жазып коюу; **постáвить тóчку** чекит коюу; 6. *что* (*наладить, организовать*) коюу, жолго коюу, уюштуруу; **прáвильно постáвить рабóту** ишти туура жолго коюу, туура уюштуруу; 7. *что, театр.* коюу, көргөзүү; **постáвить нóвую пьéсу** жаңы пьеса коюу; 8. *кого* (*назначить*) коюу, орноштуруу; **постáвить на нóвую рабóту** жаңы кызматка коюу; 9. *что* (*выдвинуть,

www.bizdin.kg

*предложить*) коюу, салуу; **поста́вить вопро́с на голосова́ние** маселени добушка салуу (коюу); 10. *что* (*придать нужное положение, форму*) өзгөртүү (*формасын абалын*); **поста́вить сло́во в** *каком-л.* **падеже́** сөздү бир жөндөмөгө салып жөндөө; 11. *что* (*на кон*) саюу (*мис. акча*); ◇ **поста́вить часы́** саатты тууралоо (*убакытка тууралоо*); **поста́вить в изве́стность** билдирүү, кабар кылып коюу; **поста́вить всё на ка́рту** баарыга тобокел кылуу; **поста́вить на вид** эскертүү берүү; **поста́вить в вину́** айыптоо, айып коюу.

**ПОСТА́ВИТЬ** II *сов. см.* **поставля́ть.**

**ПОСТА́ВКА** *ж.* тапшыруу, төгүү, өткөзүү (*мис. келишим боюнча*); **своевре́менная поста́вка сырья́** сырьёну өз убагында тапшыруу.

**ПОСТАВЛЯ́ТЬ** *несов. что* жеткирүү, тапшыруу, төгүү, өткөзүү; **поставля́ть зерно́** дан тапшыруу.

**ПОСТАВЩИ́К** *м.* тапшыруучу, төгүүчү, өткөрүүчү, жабдып туруучу (*адам же мекеме*).

**ПОСТАМЕ́НТ** *м. архит.* постамент (*эстелик, статуя, ваза ж. б. астына коюучу негиз*).

**ПОСТАНОВИ́ТЬ** *сов. что и с неопр.* токтом кылуу, токтом чыгаруу; **постанови́ть большинство́м голосо́в** көпчүлүк добуш менен токтом кылуу.

**ПОСТАНО́ВКА** *ж.* 1. (*установка*) тургузуу, коюу, орнотуу; **постано́вка телегра́фных столбо́в** телеграф устундарын орнотуу; 2. *театр.* коюу, көргөзүү; 3. *театр.* (*спектакль*) постановка, оюн; 4. (*способ, организация*) жолго коюу, уюштуруу, коюу; **пра́вильная постано́вка вопро́са** маселенин туура коюлушу.

**ПОСТАНОВЛЕ́НИЕ** *ср.* токтом; **вы́нести постановле́ние** токтом чыгаруу.

**ПОСТАНОВЛЯ́ТЬ** *несов. см.* **постанови́ть.**

**ПОСТАНО́ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое *театр.* сахнага коюуга ылайыктуу, жарактуу.

**ПОСТАНО́ВЩИК** *м. театр.* постановщик (*пьеса коюучу*)

**ПОСТАРА́ТЬСЯ** *сов.* аракет кылуу, тырышуу, умтулуу, аракет кылып көрүү.

**ПОСТАРЕ́ТЬ** *сов.* каруу, картаюу, картайып калуу.

**ПО-СТА́РОМУ** *нареч.* эскиче, мурункуча, баштагыдай.

**ПОСТАТЕ́ЙНЫЙ,** -ая, -ое статьялар боюнча; **постате́йное обсужде́ние законопрое́кта** закондун долбоорун статьялары боюнча талкуулоо.

**ПОСТЕЛИ́ТЬ** *сов. разг. см.* **постла́ть.**

**ПОСТЕ́ЛЬ** *ж.* төшөк, төшөк-орун; **убра́ть посте́ль** төшөктү жыюу; **положи́ть больно́го в посте́ль** оорулуу ишини төшөккө жаткызуу.

**ПОСТЕ́ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **постель**-*ге т.*; **посте́льные принадле́жности** төшөк-орундар (*шейшеп, жаздык, жууркан*); **посте́льный режи́м** төшөктө жатуу режими.

**ПОСТЕПЕ́ННО** *нареч.* бара-бара, аз-аздан, акырындык менен.

**ПОСТЕПЕ́ННОСТЬ** *ж.* бара-бара жетишүүчүлүк, акырындык менен баруучулук.

**ПОСТЕПЕ́ННЫЙ,** -ая, -ое бара-бара, акырындык менен; **постепе́нное охлажде́ние** акырындык менен муздатуу, суутуу; акырындык менен муздоо.

**ПОСТЕРЕ́ЧЬ** *сов. кого-что* кайтаруу, кайтарып туруу.

**ПОСТЕСНЯ́ТЬСЯ** *сов. кого-чего* уялуу, тартынуу.

**ПОСТИГА́ТЬ** *несов. см.* **пости́чь.**

**ПОСТИ́ГНУТЬ** *сов. см.* **пости́чь.**

**ПОСТИЖЕ́НИЕ** *ср.* түшүнүү, билүү, аңдоо.

**ПОСТИЖИ́МЫЙ,** -ая, -ое биле турган, түшүнүүгө (билүүгө) мүмкүн болгон, түшүнө турган, акыл жете турган.

**ПОСТИЛА́ТЬ** *несов. см.* **постла́ть.**

**ПОСТИ́ЛКА** *ж. см.* **подсти́лка.**

**ПОСТИ́ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое алдыга төшөй турган, алдыга сала турган (*мис. саман, кашек*).

**ПОСТИРА́ТЬ** *сов. что* жуу, кир жууш.

**ПОСТИ́ТЬСЯ** *несов.* орозо кармоо, орозо тутуу.

**ПОСТИ́ЧЬ** *сов. кого-что* 1. (*понять*) түшүнүү, билүү, аңдоо; **пости́чь смысл** *чего-л.* *бир нерсенин* маанисине түшүнүү (билүү); 2. (*о горе, несчастье и т. п.*) башына түшүү, кириптер болуу, учуроо; **его́ пости́гло несча́стье** анын башына балаа түштү, ал балаага кириптер болду, ал бакытсыздыкка учурады.

**ПОСТЛА́ТЬ** *сов. что* 1. төшөө, жаюу, салуу; **постла́ть ска́терть** дасторкон салуу (жаюу); 2. (*для сна, лежания*) салуу; **постла́ть го́стю на крова́ти** конокко кроватка төшөк салып берүү.

**ПО́СТНЫЙ,** -ая, -ое 1. *рел.*: **по́стная еда́** этсиз, майсыз, сүтсүз тамак; өсүмдүктөн *же* балыктан жасалган тамак; 2. (*нежирный*) майсыз, арык, кара кесек; **по́стное мя́со** кара кесек эт; 3. *перен. разг.* (*скучный*) көңүлсүз, кабагы салыңкы, сабыры суз; **у него́ по́стное выраже́ние лица́** анын өңүнүн сабыры суз; ◇ **по́стное ма́сло** суу май, өсүмдүк майы.

**ПОСТОВО́Й,** -а́я, -о́е 1. **пост** I 2-*ге т.*; посттук, кароолдук, күзөтчү; **постова́я слу́жба** *воен.* постто туруу кызматы; **постово́й милиционе́р** постто турган милиционер; 2. *в знач. сущ. м.* посттогу, кароолдогу; **окли́кнуть постово́го** посттогуну чакыруу.

**ПОСТО́Й** *м. уст.* конуу, түнөө (*аскер бөлүктөрүнүн граждандардын үйлөрүндө турушу, конушу*); **пусти́ть на посто́й** үйүнө кондуруу, убактылуу тургузуу.

**ПОСТО́ЛЬКУ** *союз* -гандыктан -гандан кийин, андыктан; **поско́льку реше́ние при́нято, посто́льку необходи́мо его́ осуществи́ть** чечим кабыл алынгандан кийин, аны иш жүзүнө ашыруу керек; ◇ **посто́льку поско́льку** эптеп-септеп, канчалык болсо да, андай болгондон кийин.

**ПОСТОРОЖИ́ТЬ** *сов. кого-что* кайтаруу, кайтарып туруу.

**ПОСТОРОНИ́ТЬСЯ** *сов.* четке чыга берүү, жол бошотуп четке чыгуу, жол берүү.

**ПОСТОРО́ННИЙ,** -яя, -ее 1. (*чужой*) башка, чоочун, бөлөк, жат; 2. (*побочный*) тышкары, тиешеси жок, башка; **посторо́нние дела́** башка, тиешеси жок иштер; 3. *в знач. сущ. чаще мн.* башка, бөлөк; **посторо́нним вход воспрещён** башкаларга кирүүгө уруксат жок, башкаларга кирүүгө болбойт.

**ПОСТОЯ́ЛЕЦ** *м. разг. уст.* бирөөнүн үйүнө убактынча кирип туруучу, убактылуу туруучу.

**ПОСТОЯ́ЛЫЙ,** -ая, -ое: **постоя́лый двор** *уст.* кербен сарай; жолоочулар түшүп, тыныгып кетүүчү сарай; жүргүнчүлөр конуп өтүүчү жай.

**ПОСТОЯ́ННО** *нареч.* дайыма, ар дайым, ар качан.

**ПОСТОЯ́ННОСТЬ** *ж. см.* **постоя́нство.**

**ПОСТОЯ́ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неизменный; непрерывный*) туруктуу, дайыма, ар дайым; үзгүлтүксүз; **постоя́нный дома́шний а́дрес** үйдүн туруктуу адреси; 2. (*не изменчивый, верный*) бир калыптагы, өзгөрүлбөс берилген; **постоя́нный хара́ктер** бир калыптагы мүнөз; 3. (*не временный*) туруктуу, өзгөрбөс; **постоя́нное расписа́ние поездо́в** поездердин өзгөрбөс расписаниеси; 4. (*твёрдый, установившийся*) дайыма, өзгөрүлбөс; **постоя́нный взгляд на ве́щи** бир нерсе жөнүндө өзгөрүлбөс көз караште (пикирде) болуу; ◇ **постоя́нная а́рмия** туруктуу армия; **постоя́нная величина́** *мат.* турактуу чоңдук (*бир гана мааниси бар чоңдук*); **постоя́нный ток** *физ.* туруктуу ток (*багыты өзгөрүлбөс ток*).

**ПОСТОЯ́НСТВО** *ср.* 1. турактуулук, дайымалык, өзгөрүлбөстүк; 2. (*верность*) туруктуулук, оома эместик, берилгендик (*аягына чейин*).

**ПОСТОЯ́ТЬ** *сов.* 1. (*некоторое время*) тура берүү, туруу, туруп туруу; **он постоя́л на у́лице** ал көчөдө туруп турду; 2. *за кого-что* (*защитить*) коргоп туруу, жактоо, коргоо; **постоя́ть за ро́дину** родина үчүн кебелбей катуу туруу; 3.: **посто́й!** (*подожди*) токтой тур!, тура тур!, күтө тур!; **посто́й**-

www.bizdin.kg

**те!** (*подождите*) токтой турунуз!, күтө турунуз!; **постойте, я сейчас вспомню!** токтой турундузчу, мен азыр эстейин (эсиме түшүрөйүн)!; ◇ **мы не постоим за ценой** *разг.* биз баасын талашпайбыз.

**ПОСТПРЕ'Д** *м.* (постоянный представитель) постпред (дайыма өкүл).

**ПОСТПРЕ'ДСТВО** *ср.* (постоянное представительство) постпредство (дайыма өкүлдүк).

**ПОСТРАДА'ВШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **пострадать; 2.** *прил. и в знач. сущ. м., ж.* запкы көргөн, жабыр тарткан, бүлгүнгө учураган, таяк жеген, зыян тарткан; **оказать помощь пострадавшим от землетрясения** жер титирөөдөн бүлгүнгө учурагандарга жардам көрсөтүү.

**ПОСТРАДА'ТЬ** *сов.* азап чегүү, кыйынчылыкты баштан өткөрүү, жапаа чегүү.

**ПОСТРАНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое беттери боюнча, ар бир бети боюнча; **постраничный подсчёт рукописи** кол жазманы беттери боюнча саноо.

**ПОСТРА'НСТВОВАТЬ** *сов.* саякат кылып жүрүү, жер кыдырып жүрүү, жер кезип жүрүү.

**ПОСТРАЩА'ТЬ** *сов. кого, разг.* коркутуу, үркүтүү, чочутуу.

**ПОСТРЕ'Л** *м. разг.* тентек, шок; ◇ **наш пострел везде поспел** *погов.* кирбеген эшиги, чыкпаган тешиги жок балакет.

**ПОСТРЕ'ЛИВАТЬ** *несов.* **1.** (*изредка стрелять*) анда-санда аткылоо; **2.** *безл. разг.* сайгылашуу; **в ухе постреливает** кулак сайгылашат, кулак сайгылашып ооруйт.

**ПОСТРЕЛЯ'ТЬ** *сов.* атуу, ата берүү.

**ПО'СТРИГ** *м. рел.* чачын кичине кыркып монах кылуу үрп-адаты; **принять постриг** монах болуу.

**ПОСТРИГА'ТЬ** *несов. см.* **постричь.**

**ПОСТРИЖЕ'НИЕ** *ср. рел.* чачын кичине кыркып монах кылуу.

**ПОСТРИ'ЧЬ** *сов.* **1.** *что* кырктырып тегиздетүү (*волосы*); алуу (*ногти*); **2.** *кого, рел.* (*в монахи*) чачын кичине кыркып монах кылуу.

**ПОСТРИ'ЧЬСЯ** *сов.* **1.** (*постричь волосы*) чачын кырктыруу, тегиздетүү; **2.** *рел.* (*в монахи*) чачын кичине кырктырып монах болуу.

**ПОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* **1.** куруу; **построение социализма** социализмди куруу; **2.** (*конструкция*) түзүлүш; **верное построение фразы** сүйлөмдүн туура түзүлүшү; **3.** (*расположение в строю*) строй түзүү, стройго тизүү.

**ПОСТРО'ИТЬ** *сов.* **1.** *что* (*произвести постройку*) куруу, жасоо, тургузуу; **построить школу** мектеп куруу; **2.** *что, перен.* (*создать, устроить*) куруу, орнотуу; **построить коммунизм** коммунизмди куруу; **3.** *что, мат.* куруу, орнотуу, түзүү, жасоо; **построить треугольник** үч бурчтукту жасоо; **4.** *кого-что* тургузуу, тизүү; **построить ряды** катардап тизүү (тургузуу); **5.** *что* (*сформулировать, выразить*) түзүү, айтуу, кураштыруу.

**ПОСТРО'ИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*построить дом и т. п.*) өзүнө үй, имарат тургузуу, куруу; **2.** (*стать в строй*) тизилишүү, стройго туруу.

**ПОСТРО'ЙКА** *ж.* **1.** салуу, куруу; **материал для постройки** куруу үчүн материал; **2.** (*строение*) курулуш.

**ПОСТРО'МКА** *ж.* баструнке, жан кайыш (*каамытка бекитилген араба тарткыч кайыш же жип*).

**ПОСТРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое ар бир жол боюнча; ар бир сап боюнча; **построчная оплата** ар бир жолуна (сабына) төлөө (*мис. ырдын ар бир жолуна төлөө*).

**ПОСТСКРИ'ПТУМ** *м.* постскриптум (*каттын аяк жагына кол койгондон кийин — «P. S.» тамгаларын коюп туруп, андан кийин жазылган сөздөр*).

**ПОСТУ'КИВАНИЕ** *ср.* такылдатуу, каккылоо.

**ПОСТУ'КИВАТЬ** *несов.* такылдатуу, каккылоо (*мис. эшикти*).

**ПОСТУЛА'Т** *м.* постулат (*далилсиз эле негиз кылып алынган жобо же принцип*).

**ПОСТУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* постулаттоо.

**ПОСТУПА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое илгери адымдаган, алга умтулган; **поступательное движение** илгери адымдаган кыймыл.

**ПОСТУПА'ТЬ** *несов. см.* **поступить.**

**ПОСТУПИ'ТЬ** *сов.* **1.** (*совершить поступок*) кылуу, мамиле кылуу; **он поступил неправильно** ал туура кылган жок; **2.** *с кем-чем* (*обойтись*) мамиле кылуу; **нехорошо с ним поступили** ага жакшы мамиле кылышкан жок; **3.** (*вступить, зачислиться куда-л.*) кирүү, өтүү; **поступить в институт** институтка кирүү; **поступить на работу** кызматка кирүү; **4.** (*прибыть*) келүү, өтүү, түшүү; **поступить в продажу** сатууга түшүү; **поступить в распоряжение** *кого-л.* *биреөнүн* карамагына өтүү.

**ПОСТУПИ'ТЬСЯ** *сов. чем* кечүү, өз ыктыяры менен кыюу, отказ кылуу (*биреөнүн пайдасына*).

**ПОСТУПЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*вступление*) кирүү, өтүү; **поступление в университет** университетке кирүү; **2.** түшүү, өтүү, келүү; **поступление денег в кассу** акчанын кассага түшүүшү; **3.** (*поступившая сумма*) түшкөн акча.

**ПОСТУ'ПОК** *м.* кылык-жорук, кылган иш, мамиле; **не нравятся мне его поступки** мага анын кылык-жоругу жакпайт.

**ПО'СТУПЬ** *ж.* кадам, кадам басуу, жүрүш, басык; **уверенная поступь** ишенимдүү кадам.

**ПОСТУЧА'ТЬ** *сов.* тарсылдатуу, такылдатып кагуу, тукулдөтүү.

**ПОСТУЧА'ТЬСЯ** *сов.* кагуу, тарсылдатып каккылоо (*мис. эшикти же терезени*).

**ПОСТФА'КТУМ** *нареч.* постфактум (*болуп өткөн соң, өткөндөн кийин*).

**ПОСТЫДИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* уялтуу, уяткаруу.

**ПОСТЫДИ'ТЬСЯ** *сов. кого-чего и с неопр., разг.* уялуу, уялып калуу.

**ПОСТЫ'ДНЫЙ,** -ая, -ое уят, уяттуу, жаман, уят кыла турган, уятка калтыруучу; **постыдный поступок** уят иш.

**ПОСТЫ'ЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жадаткан, жадатып жиберген, көзгө жаман көрүнгөн.

**ПОСУ'ДА** *ж. собир.* идиш-аяк, казан-аяк.

**ПОСУДА'ЧИТЬ** *сов. разг.* бир топко чейин арқы-беркини сүйлөшүү, майда-чүйдө ушак айтышуу.

**ПОСУ'ДИНА** *ж. разг.* чоң идиш, көлөмү чоң идиш.

**ПОСУДИ'ТЬ** *сов.*: **посудите сами** өзүңүз ойлоп көрүңүзчү, өзүңүз карап көрүңүзчү.

**ПОСУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **посуда**-*га т.*

**ПОСУДОХОЗЯ'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое идиш-аяк жана чарбага керектүү.

**ПОСУЕТИ'ТЬСЯ** *сов.* убараланып чаң-тополоң түшө берүү, обу жок убаралана берүү.

**ПОСУ'Л** *м. разг.* убада.

**ПОСУЛИ'ТЬ** *сов. что, разг.* убада берүү.

**ПОСУРЬМИ'ТЬ** *сов. что* сурьма коюу, сурьма менен боёо (*мис. кашты*).

**ПОСУ'ТОЧНО** *нареч.* сутка боюнча, ар бир суткада, сутка сайын.

**ПОСУ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое ар бир суткада, суткасына бир болуучу, бир суткалык; **посуточное дежурство** суткасына бир болуучу дежурство.

**ПО'СУХУ** *нареч. разг.* кургакта, кургак жер менен.

**ПОСУШИ'ТЬ** *сов. что* кургатуу, кептирүү, тоборсутуу, кургата түшүү.

**ПОСУШИ'ТЬСЯ** *сов.* курганну, тоборсуу.

**ПОСЧАСТЛИ'ВИТЬСЯ** *сов. безл. кому* бактылуу болуу, бактысы ачылуу, жолу болуу, кокусунан бактыга учуроо; **мне посчастливилось достать эту книгу** менин жолум болуп, бул китепти таап алдым.

**ПОСЧИТА'ТЬ** *сов. кого-что* саноо, эсептөө, санай берүү.

www.bizdin.kg

**ПОСЧИТА'ТЬСЯ** *сов. с кем-чем* эсептешүү; **ни с кем и ни с чем не посчита́ться** эч ким жана эч нерсе менен эсептешпөө.

**ПОСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **посла́ть.**

**ПОСЫ'ЛКА** *ж.* **1.** (*отправка*) жиберүү, жөнөтүү, салып жиберүү, салуу; **посы́лка де́нег по по́чте** почта менен акча жиберүү (салуу); **2.** посылка (*почта менен жиберилген нерсе*); **получи́ть посы́лку** посылка алуу; ◇ **быть на посы́лках** *у кого-л.* майда-чүйдө тапшырмаларды аткарып жүрө берүү, *бирөөнүн* чабарманы болуу.

**ПОСЫ'ЛЬНАЯ** *женск. р. к* **посы́льный.**

**ПОСЫ'ЛЬНЫЙ** *м.* чабарман.

**ПОСЫ'ПАТЬ** *сов. что* себээлөө, себүү, чачуу, бир аз сээп коюу; **посы́пать доро́жки песко́м** киши жүрүүчү кичине жолго кум чачуу.

**ПОСЫПА'ТЬ** *несов. см.* **посы́пать.**

**ПОСЫ'ПАТЬСЯ** *сов.* **1.** (*начать сыпаться*) куюла баштоо, төгүлө баштоо, себээлей баштоо; **2.** *перен.* туш-туштан жааш, мөндүрдөй жааш; **посы́пались вопро́сы** суроолор туш-туштан жаады, суроолор мөндүрдөй жаады.

**ПОСЯГА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* **1.** кол салуу, кол салып зыян келтирүү; **2.** (*попытка присвоить*) тартып алууга аракет кылуу.

**ПОСЯГА'ТЬ** *несов. см.* **посягну́ть.**

**ПОСЯГНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *на кого-что* кол салуу; **посягну́ть на** *чью-л.* **жизнь** *бирөөнүн* өмүрүнө кол салуу; **2.** *на что* (*попытаться присвоить*) тартып алууга аракет кылуу.

**ПОТ** *м.* тер; **ка́пли по́та вы́ступили на лбу** чекесинен чыпылдап тер чыкты; ◇ **по́том и кро́вью** чекесин тердетип, канын төгүп, алы-жаны калбай; **труди́ться в по́те лица́** кара терге түшүп эмгектенүү; **вогна́ть в пот** жан терин чыгаруу, иштетип кара терге түшүрүү, аябай тердетүү.

**ПОТАЁННЫЙ,** -ая, -ое *уст. см.* **потайно́й.**

**ПОТАЙНО'Й,** -а́я, -о́е жашырын, киши билгис, астыртан, тымызын; **потайно́й ход** жашырын кирүүчү эшик.

**ПОТАКА'ТЬ** *несов. кому-чему в чём, разг.* «сеники макул, сеники ырас» дей берүү (*кандайдыр бир жарабаган ишти макулдап*).

**ПОТАНЦЕВА'ТЬ** *сов.* бийлөө, бийлей берүү.

**ПОТАСКА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *кого-что* (*поносить*) көтөрүп жүрүү, алып жүрүү; **2.** *что* (*стащить*) ташып кетүү, алып кетүү.

**ПОТАСКУ'ХА** *ж. груб.* жүрдөөк аял.

**ПОТАСО'ВКА** *ж. разг.* **1.** (*ссора с дракой*) кызыл чеке болуп урушуу, мушташуу, сабашуу; **2.** (*побои в наказание*) сабап жазалоо, жазалап уруу.

**ПОТА'ТЧИК** *м. разг.* макулдай берүүчү, «сеники макул, сеники ырас» дей берүүчү (*жарабаган ишти макулдап*).

**ПОТА'ТЧИЦА** *женск. р. к* **пота́тчик.**

**ПОТА'ЧКА** *ж. разг.* «макул» дей берме, «ырас» дей берме (*жарабаган ишке*).

**ПОТА'Ш** *м. хим.* поташ (*самын, айнек жасоодо колдонулуучу шакар сыяктуу нерсе*).

**ПОТАЩИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*понести, потянуть*) алып баруу; сүйрөп, көтөрүп баруу; **2.** *кого* (*с силой увлечь*) сүйрөп алпаруу, күчтөп алып баруу.

**ПОТАЩИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* сүйрөлүп, илээлеп жүрүү (басуу).

**ПО-ТВО'ЕМУ** *нареч.* сенинче, сенин оюңча, сенин оюңдагыдай (*по твоему мнению*); сенин кеңешиң боюнча (*по твоему совету*); сенин каалаганыңча, сен тилегендей, сенин каалооң боюнча (*по твоему желанию*); **я сде́лал по-тво́ему** сенин оюңдагыдай кылдым; **по-тво́ему я непра́в?** сенин оюңча меники туура эмес дейсиң го?

**ПОТВО'РСТВО** *ср.* «куп, макул, мейли» дей берүүчүлүк (*жаман ишти кубаттап*).

**ПОТВО'РСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* «куп, макул, мейли» дей берүү (*жаман ишти кубаттап*).

**ПОТВО'РЩИК** *м.* «куп, макул, мейли» дей берүүчү адам (*жаман ишти кубаттап*).

**ПОТВО'РЩИЦА** *женск. р. к* **потво́рщик.**

**ПОТЁК** *м. разг.* сарыгып аккан суунун изи (*мис. тамдын боорундагы*).

**ПОТЁМКИ** *только мн.* **1.** караңгы; **блужда́ть в потёмках** караңгыда адашуу; **2.** *перен.* (*неизвестность*) белгисиздик, дайынсыздык; ◇ **чужа́я душа́ — потёмки** *посл.* бирөөнүн ичинде эмне барын ким билсин.

**ПОТЕМНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** карарuu (*мис. күмүш*); **2.** караңгылоо, караңгы болуу, караңгы кирүү, караңгы тартуу.

**ПОТЕМНЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*стать тёмным*) карарuu; **2.** *безл.* караңгылоо, караңгы болуу, караңгы кирүү; **в ко́мнате совсе́м потемне́ло** бөлмө таптакыр караңгы болду; ◇ **у меня́ в глаза́х потемне́ло** менин көзүмдүн алды караңгылап кетти (караңгы боло түштү).

**ПОТЕ'НИЕ** *ср.* тердөө, тер басуу, ымшуу, тердей түшүү.

**ПОТЕНЦИА'Л** *м.* **1.** *физ.* потенциал (*электр же магнит талаасынын белгилүү точкадагы абалын мүнөздөөчү өлчөм*); **2.** *перен.* потенциал (*күчтөрдүн, мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысы*); **вое́нный потенциа́л** согуш потенциалы (*бир өлкөнүн согушту жүргүзүү үчүн күчүнүн жана каражаттарынын жыйындысы*).

**ПОТЕНЦИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **потенциал**-*га т.*; потенциалдуу, потенциалдык; **потенциа́льная эне́ргия** потенциалдуу энергия, **потенциа́льные возмо́жности** *перен.* потенциалдуу мүмкүндүктөр.

**ПОТЕ'НЦИЯ** *ж.* потенция (*бир кыймыл-аракетке келүү үчүн жарамдуулук, жөндөмдүүлүк, мүмкүндүк жана жетишерлик күчкө ээ болуу*).

**ПОТЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* жылуу боло баштоо, жылуу болуу, жылуу тартуу.

**ПОТЕПЛЕ'ТЬ** *сов. чаще безл.* жылуу боло баштоо, жылуу тартуу, жылый баштоо.

**ПОТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* сүрүү, ышкуу, жышуу, укалоо.

**ПОТЕРПЕ'ВШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **потерпе́ть;** **2.** *в знач. сущ. м., ж.* залал көргөн, зыян тарткан, зыянга учураган.

**ПОТЕРПЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*проявить терпение*) чыдоо, сабыр кылуу, чыдап туруу; **2.** *что* (*испытать*) учуроо, тартуу, жолугуу (*бир кырсыкка*); **потерпе́ть пораже́ние** жеңилип калуу; **потерпе́ть убы́тки** зыян тартуу, зыянга учуроо; **3.** *кого-что, с отриц.* (*стерпеть*) жол коюу, тим коюу; **мы не потéрпим ло́дырей в своём коллекти́ве** биз өзүбүздүн коллективибизде жалкоолорго жол койбойбуз

**ПОТЁРТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **потере́ть;** **2.** *прил.* сүрүлгөн, сүрүлүп калган, кырылып калган, көөнөргөн; **потёртый костю́м** кырылып калган костюм.

**ПОТЕ'РЯ** *ж.* **1.** (*лишение чего-л.*) жоготуу, ажыроо, айрылуу; **поте́ря докуме́нтов** документтерди жоготуу; **поте́ря кро́ви** кан жоготуу, кансыроо; **поте́ря вре́мени** убакыт жоготуу, убакытты бошко кетирүү; **2.** (*ущерб*) коромжу; **убра́ть урожа́й без поте́рь** түшүмдү коромжусуз жыйнап алуу; **3.** **поте́ри** *мн.* жоготуу; **нанести́ поте́ри** жоготууларга учуратуу; **понести́ поте́ри** жоготууларга учуроо; **4.** (*потерянная вещь*) жоголгон нерсе.

**ПОТЕ'РЯННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **потеря́ть;** **2.** *прил.* сабыры суз, маңдайы пас; **ходи́ть с поте́рянным ви́дом** үлдүрөп жүрүү, ылдырап жүрүү.

**ПОТЕРЯ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* жоготуу, жоголтуу, жоготуп коюу; **потеря́ть ключи́** ачкычтарды жоготуп коюу; **2.** *кого-что, перен.* (*утратить*) жоготуу, ажыроо, айрылуу; **потеря́ть това́рища** жолдошунан айрылуу; **потеря́ть слух** укпай калуу; дүлөй, кереӊ болуп калуу; **потеря́ть наде́жду** үмүтүн үзүү; **потеря́ть рассу́док** акылдан ажыроо; **3.** *в чём* жоготуу, кемүү; **потеря́ть в ве́се** салмагын жоготуу, арыктоо; **4.** *что* (*потерпеть ущерб*) зыян тартуу, зыянга учуроо; ◇ **потеря́ть** *кого-л.* **из виду** көз алдынан жоготуп коюу.

www.bizdin.kg

**ПОТЕРЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. жоголуу, жоготуу; **книга потерялась** китеп жоголду; 2. (*стать незаметным*) жоголуу, көрүнбөй калуу; **потеряться в толпе** калың элдин арасына кирип, көрүнбөй калуу; 3. (*лишиться уверенности*) калтааруу, эсинен адашуу, апкааруу, ишеничин жоготуу, эмне айтарын билбей калуу (*шашкандыктан, сүрдөгөндүктөн*).

**ПОТЕСНИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*сжать*) кысуу; 2. (*заставить отступить*) кысып чегиндирүү, сүрүү, качууга бет алдыруу.

**ПОТЕСНИ'ТЬСЯ** *сов.* сыйлыгышуу, тизе кагышуу, тизе кагыш кылуу.

**ПОТЕ'ТЬ** *несов.* 1. (*покрываться потом*) тердөө, тер басуу, ымшуу; 2. *над чем, перен. разг.* кыйналуу, башын оорутуу; **потеть над решением задачи** маселени чечүүдө кыйналуу; 3. *разг.* (*покрываться влажным налётом*) тердөө, сууланууу; **стёкла в окнах потеют** терезенин айнектери терден турат, терезенин айнектери сууланып турат.

**ПОТЕ'ХА** *ж. разг.* кызык, күлкү, тамаша, көңүл ачуу; ◇ **вот потеха!** мына кызык тамаша!

**ПОТЕ'ЧЬ** *сов.* 1. (*начать течь*) ага баштоо, агуу; **с гор потекли ручьи** тоодон суулар акты; 2. (*дать течь*) тешилип агуу, түбү жыртылып агуу, тамчы өткөрүү; **ведро потекло** чакадан акты, чака тешилип калды.

**ПОТЕША'ТЬ** *несов. см.* **потешить.**

**ПОТЕША'ТЬСЯ** *несов. разг.* 1. (*развлекаться*) көңүл ачуу, жайдары болуу, тамаша кылуу, оюн-күлкүдө болуу; 2. *над кем-чем* (*издеваться*) маскаралоо, күлкү кылуу, шылдыңдоо.

**ПОТЕ'ШИТЬ** *сов. кого, разг.* күлдүрүү, көңүл ачтыруу.

**ПОТЕ'ШИТЬСЯ** *сов. см.* **потешаться** 1.

**ПОТЕ'ШНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*смешной*) күлөрдүк; 2. *в знач. сущ.* **потешные** *мн. ист.* потешныйлар (*Пётр I кичине кезинде Батыш Европанын армиясынын үлгүсүндө уюштурган аскерлери*).

**ПОТИРА'ТЬ** *несов. что* сүргүлөө, ушалоо, укалоо; **потирать руки от удовольствия** ыраазы болуп ичинен кымындап, колун ушалоо.

**ПОТИХО'НЬКУ** *нареч. разг.* 1. (*медленно*) акырыныраак, жай; **ехать потихоньку** жай жүрүү, жай бастыруу; 2. (*бесшумно*) тыбыш чыгарбай, үн чыгарбай; 3. (*незаметно*) астыртан, билгизбей, тымызын; **уйти потихоньку** тымызын кетип калуу.

**ПОТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* терчилдик.

**ПОТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое терчил.

**ПОТНИ'К** *м.* тердик, токум.

**ПО'ТНЫЙ,** -ая, -ое тер болгон, тер баскан, тердүү.

**ПО-ТОВА'РИЩЕСКИ** *нареч.* жолдоштук менен, жолдоштук иретинде.

**ПОТОВО'Й,** -а́я, -о́е **пот**-*ко т.*; **потовые железы** *анат.* тер бездери.

**ПОТОГО'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. *мед.* тердеткич, тердетүүчү; **потогонное средство** тердетүүчү дары; 2. *в знач. сущ. ср. мед.* тердетүүчү дары; 3. *перен.* (*выматывающий силы*) кара терге түшүргүч, алсыраткыч.

**ПОТО'К** *м.* 1. агын суу, шар суу; **горный поток** тоодон агып түшкөн суу; 2. *перен.* көлдөгөн, мөлтүлдөгөн, көп аккан; **потоки слёз** көлдөп аккан көз жаш; 3. (*система производства*) поток, үзгүлтүксүз (*өндүрүш процессинин тынымсыз жүрүү системасы*).

**ПОТОЛКА'ТЬСЯ** *сов. разг.* ар кайсы жерге урунуп бара берүү, жүрө берүү, түртүшүү.

**ПОТОЛКОВА'ТЬ** *сов. с кем о чём* аңгемелешүү, сүйлөшүү, кеңеш салуу.

**ПОТОЛО'К** *м.* 1. потолок, шып (*үйдүн ички төбөсү*); 2. *ав.* потолок (*уча турган аппараттардын эң бийиктикке көтөрүлүү чеги*); ◇ **брать с потолка** *разг.* оозуна, оюна келгенди айта салуу.

**ПОТОЛО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **потолок** 1-*ге т.*; потолоктук.

**ПОТОЛСТЕ'ТЬ** *сов.* семирүү, жоонойуу.

**ПОТО'М** *нареч.* анан, анан кийин; **я приду потом** мен анан келемин.

**ПОТО'МОК** *м.* тукум (*киши, мал*).

**ПОТО'МСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **потомство**-*го т.*

**ПОТО'МСТВО** *ср. собир.* тукум-жуурат, укум-тукум.

**ПОТОМУ'** 1. *нареч.* андыктан, ошондуктан, ошон үчүн; **мне некогда, и потому я не могу прийти** менин убактым жок, ошондуктан келе албаймын; 2. *союз* анткени, себеби; **не приду, потому что некогда** мен келбейм, анткени убактым жок.

**ПОТОНУ'ТЬ** *сов.* чөгүү, чөгөрүп жиберүү, суунун түбүнө түшүрүп жиберүү.

**ПОТО'П** *м. разг.* ташкын, суу кирүү, сел каптоо, сел алуу.

**ПОТО'ПАТЬ** *сов. разг.* буту менен такылдатып кагуу (уруу), жер тепкилөө.

**ПОТОПИ'ТЬ** I *сов. что* (*нагреть топкой*) жагуу, от жагып жылытуу.

**ПОТОПИ'ТЬ** II *сов. кого-что* (*утопить*) сууга чөгөрүү, сууга чөгөрүп жиберүү.

**ПОТОПЛЕ'НИЕ** *ср.* чөгөрүү, суунун түбүнө түшүрүү.

**ПОТОПТА'ТЬ** *сов. что* тебелөө, тепсөө, тебелеп салуу, таптап салуу (*мис. чөптү*).

**ПОТОРА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **поторопить.**

**ПОТОРА'ПЛИВАТЬСЯ** *несов. разг.* шашуу, шашкалактоо, шашылуу.

**ПОТОРГОВА'ТЬ** *сов. чем* сатуу, анча-мынча соода кылуу.

**ПОТОРГОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* соодалашуу.

**ПОТОРОПИ'ТЬ** *сов. кого* шаштыруу, тездетүү, ылдамдатуу, ыкчамдатуу.

**ПОТОРОПИ'ТЬСЯ** *сов.* шашуу, шашкалактоо.

**ПОТО'ЧНО-СКОРОСТНО'Й,** -а́я, -о́е: **поточно-скоростные методы строительства** курулуштун потоктук-тездетүү методу.

**ПОТО'ЧНОСТЬ** *ж.* потоктук (*конвейер боюнча тынымсыз жүрүү*); **поточность производства** өндүрүштүн поток боюнча иштеши.

**ПОТО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **поток** 3-*кө т.*; потоктук; **поточный метод** (*в производстве*) потоктук метод.

**ПОТРА'ВА** *ж.* эгинди, чөптү тебелөө, тепсеп салуу.

**ПОТРАВИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*произвести потраву*) эгинди, чөптү тебелөө, тепсеп салуу; 2. *кого-что* (*истребить ядом*) ууктуруп, уулaндырып кыруу (өлтүрүү), кырып жоготуу (*мис. чычканды*).

**ПОТРА'ТИТЬ** *сов. что* жумшоо, сарп кылуу, каражаттоо, каражат кылуу.

**ПОТРА'ТИТЬСЯ** *сов. разг.* чыгым болуу, сарп болуу, каражатталуу (*мис. акча*).

**ПОТРЕБИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. *эк.* керектөөчү (*мис. мекеме же киши*); 2. (*покупатель*) сатып алуучу адам, керектөөчү адам, алуучу.

**ПОТРЕБИ'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое: **потребительская кооперация** керек-жарак кооперациясы.

**ПОТРЕБИ'ТЬ** *сов. см.* **потреблять.**

**ПОТРЕБЛЕ'НИЕ** *ср.* керектөө, керектелүү, керек кылынуу; **товары широкого потребления** кеңири керек кылынуучу товарлар.

**ПОТРЕБЛЯ'ТЬ** *несов.* керектөө, пайдалануу.

**ПОТРЕ'БНОСТЬ** *ж.* керектик, керектөө; **удовлетворить потребности населения** калктын керектөөсүн канааттандыруу; **насущная потребность** зарыл керектик; **культурные потребности** маданий керектиктер; **испытывать потребность** *в чём-л. бир нерсеге* муктаж болуу, *бир нерсени* керек кылуу.

**ПОТРЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое зарыл, керек.

**ПОТРЕ'БОВАТЬ** *сов.* 1. *что* талап кылуу; **потребовать объяснений** түшүнүк берүүнү талап кылуу; 2. *кого* (*вызвать*) чакыруу, келтирүү.

www.bizdin.kg

**ПОТРЕ'БОВАТЬСЯ** *сов.* керек болуу, керек кылынуу; **на э́ту рабо́ту потре́буется две неде́ли** бул ишке эки жума керек.

**ПОТРЕВО'ЖИТЬ** *сов. кого-что* тынчын алуу, чочутуу.

**ПОТРЕВО'ЖИТЬСЯ** *сов.* тынчы кетүү, чочуу.

**ПОТРЁПАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич от* **потрепа́ть; 2.** *прил.* тамтыгы жок, жыртылган, эскирген, чалдыбары чыккан; **потрёпанное пальто́** эскирген пальто.

**ПОТРЕПА'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*привести в беспорядок*) уйпалоо, жулмалоо, тыткылоо, желпилдетүү; **потрепа́ть кни́гу** китепти жаман кармап эскиртүү; **потрепа́ть во́лосы** чачын уйпалоо; **2.** *кого-что* (*подёргать, потормошить*) силкүү, булкуу, жулкуу, жулкулдатуу, тартуу; **3.** *кого* (*похлопать*) чапкылоо, каккылоо; **потрепа́ть по плечу́** *кого-л.* *бирөөнү* далыга чапкылоо; **4.** *что* (*износить*) жыртуу, тытуу, тоздуруу (*кийимди*).

**ПОТРЕПА'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*износиться*) жыртылуу, тытылуу, эскирүү (*кийим*).

**ПОТРЕ'СКАТЬСЯ** *сов.* жарылып-жарылып кетүү, туурулуп кетүү, жарака кетүү (*мис. шыбалган там*).

**ПОТРЕ'СКИВАНИЕ** *ср.* бачырап күйүү, чартылдоо; **потре́скивание дров в пе́чи** мештеги отундун бачырап күйүшү.

**ПОТРЕ'СКИВАТЬ** *несов. разг.* бачырап, күйүү, чартылдап күйүү.

**ПОТРО'ГАТЬ** *сов. кого-что* тийүү, кол тийгизип көрүү, кармалап көрүү, тийип байкоо.

**ПОТРОХА'** *только мн.* ичек-карын, өпкө-боор (*мис. куштун, малдын*); ◇ **со все́ми потроха́ми** *разг.* бүт бойдон, бардыгын.

**ПОТРОШИ'ТЬ** *несов. что* ичин жаруу, ичек-карынын алуу.

**ПОТРУДИ'ТЬСЯ** *сов.* эмгек кылуу, бир топ жумуш кылуу, бир далай убара болуу; **он нема́ло потруди́лся на своём веку́** ал өз өмүрүндө бир далай эмгек кылган; ◇ **потруди́тесь прийти́ ещё раз** дагы бир жолу келип койсоңуз.

**ПОТРЯСА'ТЬ** *несов.* **1.** *чем* коркутуу үчүн жаңсоо, тап берүү; **потряса́ть ору́жием** кылычын көрсөтүү (*кылычын көрсөтүп, «сенибы» деп зиркилдөө*); **2.** *см.* **потрясти́** 2.

**ПОТРЯСА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **потряса́ть; 2.** *прил.* аябаган, өтө күчтүү, укмуштуу; **потряса́ющее впечатле́ние** өтө күчтүү таасир.

**ПОТРЯСЕ'НИЕ** *ср.* доо кетүү, кескин түрдө толкундатуу; **не́рвное потрясе́ние** нервиге доо кетүү.

**ПОТРЯСТИ'** *сов.* **1.** *что* кагуу, күбүү, силкүү; **потрясти́ одея́ло** жууркачды күбүү (силкүү); **2.** *кого-что, перен.* үрөйүн учуруу, чочутуу; **э́то собы́тие потрясло́ всех** бул окуя бардык адамдардын үрөйүн учурду.

**ПОТРЯ'ХИВАТЬ** *несов. чем, разг.* силкүү, кагуу, силкилөө.

**ПОТУ'ГИ** *только мн.* **1.** күчөнүү, толгоо, толготуу, толгоо кармоо; **2.** *перен. разг.* калп эле жан талашуу, ыгы жок күчөнө берүү, курулай эле ыйынып-ычкына берүү.

**ПОТУЖИ'ТЬ** *сов. разг.* күйүт тартуу, күйүп кайгыруу, капа чегүү.

**ПОТУ'ПИВШИСЬ** *нареч.* шылкыйып, башын төмөн түшүрүп, ылдый карай, жер карап; **сиде́ть поту́пившись** шылкыйып (ылдый карап) отуруу.

**ПОТУ'ПИТЬ** *сов. что:* **поту́пить взор** ылдый карап калуу (*мис. уялганда*); **поту́пить го́лову** башын шылкыйтуу.

**ПОТУ'ПИТЬСЯ** *сов.* башын шылкыйтуу; ылдый кароо, жер кароо.

**ПОТУПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **поту́пить.**

**ПОТУСКНЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*стать мутным, матовым*) карaруу, караюу, бозоруу, күңүрт тартуу; **2.** *перен.* (*о взгляде*) тунарык тартуу (*көз*); **3.** *перен.* (*померкнуть*) басаңдоо, төмөндөө (*мис. даңк*).

**ПОТУХА'НИЕ** *ср.* өчүү.

**ПОТУХА'ТЬ** *несов. см.* **поту́хнуть.**

**ПОТУ'ХНУТЬ** *сов.* өчүп калуу.

**ПОТУЧНЕ'ТЬ** *сов. разг.* семирүү, толуу, жооноюу.

**ПОТУШИ'ТЬ** I *сов. что* (*погасить*) өчүрүү, өчүрүп салуу; **потуши́ть ла́мпу** лампаны өчүрүү.

**ПОТУШИ'ТЬ** II *сов. что, кул.* бууга быктыруу, демдөө, быктырып (демдеп) бышыруу; **потуши́ть мя́со** этти бууга демдеп бышыруу.

**ПО'ТЧЕВАТЬ** *несов. кого, разг.* сыйлоо, конок кылуу, ичирип-жедирип сыйлоо.

**ПОТЯГА'ТЬСЯ** *сов. с кем-чем, разг.* тирешүү, күч сынашуу, ат салышып көрүү, күч сынашып көрүү.

**ПОТЯ'ГИВАНИЕ** *ср.* керилүү, созулуу, чоюлуу (*мис. колу-бутту созуп*).

**ПОТЯ'ГИВАТЬ** *несов. что, разг.* **1.** (*пить понемногу*) аз-аздан жутуу, ичүү; ууртап ичүү; **2.** (*неторопливо курить*) соруп тартуу, шашпай илеп менен тартуу (*тамекини*).

**ПОТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* керилүү, созулуу, чоюлуу (*мис. буту-колду созуп, денени керип*).

**ПОТЯНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* тартуу, сүйрөө, чоюу; **потяну́ть за рука́в** жеңден тартуу; **2.** *безл. кого-что* (*привлечь*) -гысы келүү, тартуу, кызыктыруу; **его́ потяну́ло домо́й** анын үйгө баргысы келди; **3.** *безл. чем* (*о струе воздуха, запаха*) жыттануу, келүү, келип туруу; **потяну́ло сы́ростью** ным жыттанып турат; **от окна́ потяну́ло хо́лодом** терезеден суук келип турат; **4.** *разг.* (*о весе*) болуу, келүү, чыгуу; **арбу́з потяну́л три кило́** дарбыз үч кило чыкты; **5.** *кого-что, разг.* (*насильно привлечь куда-л.*) зордоп бир жакка алып баруу.

**ПОТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** керилүү, созулуу, чоюлуу; **2.** чубап жүрүү, артынан кошо жөнөө, ээрчип жөнөө, кошо чубоо; **потяну́лись обо́зы оди́н за други́м** арабалар биринин артынан бири чубап жөнөштү; **3.** (*о времени*) созулуу, сундагып өтүү; **потяну́лись до́лгие зи́мние но́чи** кыштын узун түндөрү сундагып өтө берди; **4.** *к кому-чему* (*устремиться*) жутунуу, умтулуу, дам коюу.

**ПОУБА'ВИТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* бир аз азайтуу, бир аз кемитүү, бир аз кичирейтүү, бир аз кыскартуу; **2.** (*сбавить*) кемитүү, кичирейтүү, жоготуу; **он поуба́вил в ве́се** ал салмагын кемитти, анын салмагы азайды.

**ПОУ'ЖИНАТЬ** *сов.* кечки тамакты ичүү.

**ПОУМНЕ'ТЬ** *сов.* акыл кирүү, эс кирүү, акылдуу болуу, акылдуу (эстүү) болуп калуу.

**ПОУРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое ар бир сабакка төлөй турган; **поуро́чная опла́та** ар бир сабакка төлөй турган акы, ар бир сабакка акы төлөө.

**ПОУСЕ'РДСТВОВАТЬ** *сов. разг.* ынта коюу, тырыштык кылуу, тырышуу, кунт коюу.

**ПОУТРУ'** *нареч. разг.* эртең менен; **вы́ехать из до́ма поутру́** үйдөн эртең менен чыгып жөнөө.

**ПОУЧА'ТЬ** *несов. кого* **1.** *уст.* (*учить чему-л.*) үйрөтүү, окутуу; **2.** (*наставлять*) акыл-насыят айтуу, акыл айтуу, акыл үйрөтүү.

**ПОУЧЕ'НИЕ** *ср.* акыл-насыят айтуу, акыл үйрөтүү.

**ПОУЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое үлгү болорлук, сабак болорлук (*мис. окуя, насыят*).

**ПОУЧИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* үйрөнүү, окуп алуу; **поучи́ть уро́ки** сабакты окуп алуу; **2.** *кого* үйрөтүү, окутуу, акыл айтуу.

**ПОУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** *чему* үйрөнүү, окуу, билип алуу; **2.** *разг.* (*позаниматься*) окуу, бир катар убакытты окуп өткөрүү.

**ПОФРАНТИ'ТЬ** *сов.* кооз кийим кийип короздонуу, жасануу, сылануу.

**ПО-ФРАНЦУ'ЗСКИ** *нареч.* французча.

**ПОФЫ'РКАТЬ** *сов.* **1.** бышкырып коюу, бир нече жолу бышкыруу (*мис. ат*); **2.** (*посмеяться над кем-л.*) бырс этип күлүп коюу.

www.bizdin.kg

**ПОФЫ'РКИВАТЬ** *несов. см.* **пофы́ркать.**

**ПОХА'БНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жаман, уят; богооз (*о слове, выражении*).

**ПОХА'ЖИВАТЬ** *несов. разг.* ары-бери шашпай басып жүрүү, акырын шашпай басып жүрүү, жай басып жүрүү.

**ПОХАНДРИ'ТЬ** *сов. разг.* жылдызы түшүү, бир азы капалануу, ичи бук болуу, көңүлсүздөнүү, бир аз көңүл чөгөт болуу.

**ПОХВАЛА'** *ж.* мактоо; **отозва́ться** *о ком-л.* **с похвало́й** *бирөө жөнүндө* мактап айтуу; **заслужи́ть похвалу́** мактоого татыктуу болуу.

**ПОХВА'ЛИВАТЬ** *несов. кого-что, разг.* дайыма мактоо, мактай берүү.

**ПОХВАЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* мактоо.

**ПОХВАЛИ'ТЬСЯ** *сов. кем-чем* мактануу; ◇ **не могу́ похвали́ться** мактана албаймын (*мис. «билем» деп же «ден соолугум жакшы» деп ж. б.*).

**ПОХВАЛЬБА'** *ж. разг.* мактанчаактык.

**ПОХВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*заслуживающий похвалы*) мактарлык, мактанарлык; **похва́льный приме́р** мактарлык үлгү; **2.** (*содержащий похвалу*) мактоо, мактаган; **похва́льная гра́мота** мактоо грамотасы.

**ПОХВАЛЯ'ТЬСЯ** *несов. кем-чем, разг.* мактануу.

**ПОХВА'РЫВАТЬ** *несов. разг.* ооруй берүү, сыркоолой берүү, ооруу, ноокастоо.

**ПОХВА'СТАТЬ** *сов. разг.* мактануу.

**ПОХВА'СТАТЬСЯ** *сов.* **1.** *кем-чем* мактануу; **2.** (*пообещать с хвастовством*) мактанчаактык менен убада берип коюу; ◇ **не могу́ похва́статься** мактана албайм.

**ПОХВОРА'ТЬ** *сов. см.* **поболе́ть** 1.

**ПОХЕ'РИТЬ** *сов. что, разг.* сызып таштоо, өчүрүп салуу (*жазууну*).

**ПОХИТИ'ТЕЛЬ** *м.* уурдоочу, алып качуучу, уурдап качуучу.

**ПОХИ'ТИТЬ** *сов. кого-что* уурдап алуу, уурдоо, уурдап кетүү, уурдап качуу.

**ПОХИХИ'КАТЬ** *сов. разг.* бырсылдап күлүү, кыт-кыт күлүү.

**ПОХИЩА'ТЬ** *несов. см.* **похи́тить.**

**ПОХИЩЕ'НИЕ** *ср.* уурдап алуу, уурдалуу, уурдоо.

**ПОХЛЕБА'ТЬ** *несов. что, чего* ууртоо, кашык менен ууртоо, чоң-чоң ууртап ичүү, ичип түгөтүү.

**ПОХЛЁБКА** *ж. разг.* сорпо.

**ПОХЛО'ПАТЬ** *сов.* **1.** *кого-что, чем, по чему* чапкылоо, ургулоо; **похло́пать по плечу́** далыга чапкылоо (*мактап*); **2.** (*поаплодировать*) алакан чабуу, кол чабуу.

**ПОХЛОПОТА'ТЬ** *сов.* **1.** *о чём и с союзом «чтобы»* (*добиваться чего-л.*) аракет кылуу, артынан жүрүү, изденүү; **2.** *о ком-чём, за кого бирөө үчүн* кам жеп аракет кылуу.

**ПОХЛО'ПЫВАТЬ** *несов. кого-что* чапкылоо, чаап коюу (*мис. досун далыга чаап коюу*).

**ПОХМЕ'ЛЬЕ** *ср.* похмелье (*ичкиликке чактыруу*); ◇ **в чужо́м пиру́ похме́лье** *погов.* айран ичкен кутулуп, челек жалаган тутулуптур.

**ПОХНЫ'КАТЬ** *сов. разг.* **1.** кыңкылдоо, ыйлактоо; **2.** *перен.* (*пожаловаться*) ыйлактоо, зардануу, нааразылык билдирүү, даттануу, даттанып ыйлактоо.

**ПОХО'Д** I *м.* **1.** *воен.* поход (*согуштук тапшырманы аткаруу үчүн аскердин же согуш кемелеринин жолго чыгышы*); **2.** *перен.* жүрүш (*уюмдашкан түрдө чыгуу, мис. прогулга каршы*); ◇ **кресто́вые похо́ды** *ист.* крестовый походдор; *см.* **кресто́вый.**

**ПОХО'Д** II *м. разг.* (*при взвешивании*) анча-мынча ашык өлчөп берүү; **килогра́мм с похо́дом** килограммдан анча-мынча ашыгыраак.

**ПОХОДА'ТАЙСТВОВАТЬ** *сов. о ком-чём, за кого-что бирөө үчүн, бирөө жөнүндө* өтүнүү, суроо, тиленүү, изденип көрүү, өтүнүп көрүү, суранып көрүү.

**ПОХОДИ'ТЬ** I *сов.* (*ходить некоторое время*) ары-бери басып жүрүү, бир аз жерди басып кыдыруу, басып жүрүү.

**ПОХОДИ'ТЬ** II *несов. на кого-что* (*быть похожим*) окшоо, окшош болуу; **сын о́чень похо́дит на отца́** уулу атасына абдан окшош.

**ПОХО'ДКА** *ж.* жүрүү, жүрүш, басыш, басык; **лёгкая похо́дка** лепилдеп жүрүү, жеңил жүрүш; **тяжёлая похо́дка** оор жүрүш; **я его́ зна́ю по похо́дке** мен аны басышынан билемин.

**ПОХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **поход** I-*ге т.*; походдук; **похо́дный марш** поход маршы; **похо́дная коло́нна** поход колоннасы; **похо́дная ку́хня** поход кухнясы; **в похо́дной обстано́вке** походдук абалда; **похо́дным поря́дком** поход тартиби менен, жүрүш тартиби менен, жүрүш жолу менен.

**ПО'ХОДЯ** *нареч. разг.* **1.** (*на ходу*) басып-жүрүп, бир жерде отурбастан; **2.** (*быстро, мимоходом*) ара-чолодо, тандабастан, ат үстүнөн эле; **нельзя́ реша́ть вопро́сы по́ходя** маселени ат үстүнөн эле чечүүгө жарабайт.

**ПОХОЖДЕ'НИЕ** *ср.* баштан өткөргөн окуя.

**ПОХО'ЖИЙ,** -ая, -ее **1.** окшош; **он о́чень похо́ж на отца́** ал атасына эң эле окшош; **2.** *кратк. ф. в знач. вводн. сл.* окшойт (*-мун, -суң ж. б.*); **вы, похо́же, нездоро́вы** сиз ооруп турат окшойсуз; ◇ **похо́же на то, что...** балким, кыязы, кебетеси, мүмкүн; **похо́же, что он не придёт** ал келбейт окшойт; **э́то ни на что не похо́же** бул эч нерсеге окшобойт (*жаман, начар*); **на что э́то похо́же!** бул эмне деген кеп!

**ПО-ХОЗЯ'ЙСКИ** *нареч.* сарамжалдык менен.

**ПОХОЛОДА'НИЕ** *ср.* суук түшүү, суук болуу; **наступи́ло похолода́ние** суук түштү.

**ПОХОЛОДА'ТЬ** *сов. безл. разг.* суук түшүү, суук болуу; **к ве́черу похолода́ло** кечке жуук суук боло баштады.

**ПОХОЛОДЕ'ТЬ** *сов.* **1.** муздап кетүү, муздай түшүү (*мис. кол*); **2.** *перен.* катып калуу, муздап калуу; **похолоде́ть от у́жаса** коркконунан катып калуу, корккондон бүткөн бою дүркүрөө.

**ПОХОРОНИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* көмүү, көргө коюу; **2.** *что, перен.* унутуп таштоо, эстен чыгарып салуу.

**ПОХОРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **1.** **похороны**-*га т.*; **похоро́нная проце́ссия** көмүү процессиясы, аза процессиясы; **похоро́нный марш** аза маршы; **2.** *перен. разг.* кайгылуу, кабак түшүңкү; **у него́ похоро́нный вид** анын кабагы түшүңкү.

**ПО'ХОРОНЫ** *только мн.* өлүктү көргө көмүү, өлүктү көмүү үрп-адаты.

**ПО-ХОРО'ШЕМУ** *нареч.* жакшылык менен, урушпай-талашпай, чыр-чатак чыгарбай; **на́до поговори́ть с ним сперва́ по-хоро́шему** а дегенде аны менен урушпай-талашпай сүйлөшүп көрүү керек.

**ПОХОРОШЕ'ТЬ** *сов.* сулуу болуу, жакшынакай болуу.

**ПОХОТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* жүргүчтүк (*эркек*); эркек жандуулук (*аял*).

**ПОХОТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое жыныстык катнашууну өтө көп каалаган аял же эркек; өтө жүргүч (*эркек*); эркек жандуу (*аял*).

**ПО'ХОТЬ** *ж.* дайыма айбанча жакындашкысы келе берүү, кошулгусу келе берүү (*эркек*); эркек жандуулук (*аял*).

**ПОХОХОТА'ТЬ** *сов.* каткыруу, каткырып күлүп калуу, каткырып күлүү.

**ПОХРА'ПЫВАТЬ** *несов. разг.* анда-санда коңурук тартып коюу (*о человеке*); кошкуруу (*о животных*).

**ПОХРУСТЕ'ТЬ** *сов.* кырсылдоо, тырсылдоо, кычыроо, кычырап коюу, кычырап калуу.

**ПОХУДА'НИЕ** *ср.* арыктоо.

**ПОХУДЕ'ТЬ** *сов.* арыктоо, арыктап калуу.

**ПОЦАРА'ПАТЬ** *сов. кого-что* тырмап алуу, тытып алуу, тырмап так салуу, чийип алуу; **поцара́пать себе́ ру́ку** колун тырмап алуу, тырматып алуу

**ПОЦАРА'ПАТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*оцарапаться обо что-л.*) тырманып алуу, тытынып алуу, тыттырып алуу (*мис.*

www.bizdin.kg

*чычырканакка*); **2.** (*покрыться царапинами*) чийилип, тырмалып так түшүү; **3.** *с кем, перен.* урушуу, чатакташуу, тытышуу.

**ПОЦЕЛОВА'ТЬ** *сов. кого-что* өбүү, өөп коюу; **поцеловать в губы** ооздоп өбүү.

**ПОЦЕЛОВА'ТЬСЯ** *сов.* өбүшүү.

**ПОЦЕЛУ'Й** *м.* өбүү, өбүш (*мис. беттен*).

**ПОЧА'СНО** *нареч.* саатка карап, саатына.

**ПОЧАСОВО'Й**, -ая, -ое саатка карап төлөнүүчү, иштелүүчү, саатына төлөнүүчү.

**ПОЧА'ТОК** *м.* сото, мардек; **початок кукурузы** жүгөрүнүн (меке жүгөрүнүн) сотосу.

**ПОЧА'ЩЕ** *сравн. ст. от прил.* **частый** *и нареч.* **часто** жышыраак; тез-тез.

**ПО'ЧВА** *ж.* жер, топурак (*жер кыртышы*); **чернозёмная почва** кара топурактуу жер; **плодородная почва** түшүмдү мол берүүчү жер; **обработка почвы** жерди иштеп чыгуу; ◇ **чувствовать под собой почву** өз алдындагы таянычты сезүү; **нейтральная почва** калыс жер; **подготовить почву для переговоров** сүйлөшүүгө негиз даярдоо, жагдай даярдоо, **на почве** *чего-л.* *бир нерсе* себеп болуп; **на почве ревности** күнүчүлүк кылып, күнүчүлүгү себеп болуп.

**ПО'ЧВЕННЫЙ**, -ая, -ое **почва**-*га т.*

**ПОЧВОВЕ'Д** *м.* почвовед (*жер кыртышын, топуракты изилдөөчү киши*).

**ПОЧВОВЕ'ДЕНИЕ** *ср.* почвоведение (*жер кыртышын изилдөөчү илим*).

**ПОЧВОВЕ'ДЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **почвоведение**-*ге т.*

**ПОЧВОЗАЩИ'ТНЫЙ**, -ая, -ое жер кыртышын сактагыч.

**ПОЧВООБРАБА'ТЫВАЮЩИЙ**, -ая, -ее: **почвообрабатывающие машины** жер кыртышын (жерди) иштетүүчү машиналар.

**ПОЧВОУГЛУБИ'ТЕЛЬ** *м. с.-х.* жер кыртышын жумшарткыч.

**ПОЧВОУГЛУБИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *с.-х.*: **почвоуглубительные работы** жер кыртышын жумшартуу иштери.

**ПО-ЧЕЛОВЕ'ЧЕСКИ** *нареч.* адамдай, адамча, адамкерчилик менен.

**ПОЧЁМ** *нареч. разг.* **1.** *вопр. и относ.* (*за какую цену*) канчадан, канча, канча турат; **почём мука?** ун канча турат?; **2.** *вопр.* (*в соединении с глаголом «знать»*) кайдан; **почём я знаю?** мен кайдан билем?

**ПОЧЕМУ'** **1.** *нареч. вопр.* эмне үчүн, эмнеликтен, эмне себептен; **почему он туда не поехал?** эмне үчүн ал тыякка кеткен жок?; **2.** *союзное слово* ошол себептүү, ошон үчүн, ошондуктан; **он забыл адрес, почему и не писал** ал адрести унутуп калыптыр, ошондуктан жазбаптыр; **почему бы то ни было** кандай гана болбосун.

**ПОЧЕМУ'-ЛИБО** *нареч. см.* **почему-нибудь.**

**ПОЧЕМУ'-НИБУДЬ** *нареч.* бир себеп менен, эмне үчүндүр.

**ПОЧЕМУ'-ТО** *нареч.* эмне үчүндүр, эмнеликтендир; **он почему-то не пришёл вовремя** эмне үчүндүр ал өз убактысында келбей калды.

**ПО'ЧЕРК** *м.* почерк, жазуу, колдон жазылган жазуу, кол; **у него разборчивый почерк** анын колу (жазуусу) даана (ачык); **неразборчивый почерк** даана (ачык) жазылбаган кол.

**ПОЧЕРНЕ'ТЬ** *сов.* карайып калуу, каралжын тартуу.

**ПОЧЕРНИ'ТЬ** *сов. что* карайтуу, бир аз карартуу.

**ПОЧЕРПА'ТЬ** *несов. см.* **почерпнуть.**

**ПОЧЕРПНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *что, чего* (*зачерпнуть*) сузуп алуу; **2.** *что, перен.* алуу (*мис. билим, маалымат*).

**ПОЧЕРСТВЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*засохнуть*) катып калуу (*мис. нан*); **2.** *перен.* (*ожесточиться*) одонолонуу, орой тартуу, ырайымсыздануу, мейримсизденүү, таш боордонуу.

**ПОЧЕРТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* сызуу, сызык сызуу менен убакыт өткөрүү.

**ПОЧЕСА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* тырмоо, кашуу; **2.** *что* (*причесать*) тароо; ◇ **почесать языком** *разг.* келжирешип алуу, жок-барды сүйлөшүү.

**ПОЧЕСА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** тырмануу, кашынуу; **2.** *безл.* кычышуу.

**ПО'ЧЕСТЬ** *ж. чаще мн.* кадырдоо, урматтоо, ызат көрсөтүү, сый көрсөтүү, сый, урмат; **оказывать** *кому-л.* **почести** *бирөөгө* сый көрсөтүү.

**ПОЧЕ'СТЬ** *сов. чем, за что, уст.* эсептөө; **почту своим долгом** милдетим деп эсептейм; **почту за честь** өзүмө урмат деп эсептейм.

**ПОЧЁСЫВАТЬ** *несов. кого-что, разг.* тырмоо, тырмай берүү, бир аз кашуу, кашып-кашып коюу.

**ПОЧЁСЫВАТЬСЯ** *несов. разг.* **1.** тырмануу, тарануу, кашынуу; **2.** кычышуу.

**ПОЧЁТ** *м.* ардак, ардактоо, ызат, сый; **оказать почёт** *кому-л. бирөөгө* сый көрсөтүү; **быть в почёте** ардакталуу, сыйга ээ болуу; **орден «Знак Почёта»** «Ардак Белгиси» ордени.

**ПОЧЁТНОСТЬ** *ж.* ардактуулук, сыйлуулук, ызаттуулук, кадырдуулук.

**ПОЧЁТНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*пользующийся почётом*) ардактуу, кадырдуу; **почётный гость** ардактуу конок; **2.** (*избираемый в знак почёта*) ардактуу, ардак; **почётный президиум** ардактуу президиум; **почётный академик** ардактуу академик; **3.** (*являющийся выражением почёта*) ардактуу, ардак; **почётный караул** ардактуу караул; **почётное звание** ардактуу наам; **почётная грамота** ардак грамотасы; **4.** (*являющийся честью*) ардактуу, урматтуу; **почётная обязанность** ардактуу милдет; **почётное предложение** урматтуу сунуш.

**ПО'ЧЕЧНЫЙ** I, -ая, -ое **почка** I-*ге т.*

**ПО'ЧЕЧНЫЙ** II, -ая, -ое **почка** II-*ге т.*; **почечная лоханка** *анат.* бөйрөктүн ички көңдөйү; **почечные камни** *мед.* бөйрөктөгү таш (*оору*).

**ПОЧИВА'ЛЬНЯ** *ж. уст.* жата турган бөлмө; *см.* **спальня.**

**ПОЧИВА'ТЬ** *несов. уст.* **1.** (*спать*) уктоо; **2.** *перен.* (*быть погребённым, покоиться*) көрдө жатуу.

**ПОЧИ'ВШИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **почить; 2.** *в знач. сущ. м., ж. уст.* маркум, ыраматылык, каза болгон.

**ПОЧИ'Н** *м.* саамалык, баштапкы иш, демилге; **смелый почин** *кого-л. бирөөнүн* тайманбаган демилгеси; **по собственному почину** өз керт башынын демилгеси боюнча; **взять на себя почин** өзүнө демилге алуу; ◇ **для почина** *разг.* башталышы үчүн, саамалык үчүн.

**ПОЧИНИ'ТЬ** *сов. что* жамоо, оңдоо, түзөтүү.

**ПОЧИ'НКА** *ж.* жамоо, оңдоо, түзөтүү; **отдать обувь в починку** бут кийимди жамоого берүү.

**ПОЧИ'НОЧНЫЙ**, -ая, -ое жамоочу, оңдоочу, түзөтүүчү; **починочная мастерская** жамоочу (түзөтүүчү) мастерская.

**ПОЧИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **починить.**

**ПОЧИ'СТИТЬ** *сов. кого-что* тазалоо, тазартуу, сүртүү; аарчуу (*от шелухи, кожуры и т. п.*); **почистить туфли** туфлини тазалоо (майлоо).

**ПОЧИ'СТИТЬСЯ** *сов. разг.* тазалануу, өзүнүн кийим-кечегин тазалоо.

**ПОЧИТА'НИЕ** *ср.* кадырдоо, сыйлоо, ардактоо, урматтоо.

**ПОЧИТА'ТЕЛЬ** *м.* кадырдоочу, сыйлоочу, ардактоочу, урматтоочу.

**ПОЧИТА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **почитатель.**

**ПОЧИТА'ТЬ** I *сов. что* окуу, окуп бир нече убакытты өткөрүү (*мис. газета, китеп ж. б.*); окуп көрүү; **почитать в дороге** жолдо окуп баруу.

**ПОЧИТА'ТЬ** II *несов. кого-что* (*уважать*) кадырдоо, сыйлоо, ардактоо, урматтоо.

**ПОЧИТА'ТЬ** III *несов. см.* **почесть.**

www.bizdin.kg

**ПОЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. кого-что, разг.* аз-аздап окуу, анда-санда окуу, окумуш болуу, окуган болуу, анда-санда окуп коюу.

**ПОЧИ'ТЬ** *сов. уст.* 1. (*уснуть*) уктоо, уктап калуу; 2. (*умереть*) өлүү; ◇ **почи́ть на ла́врах** «жетиштик, эми болду» деп аракет кылбай жатып калуу.

**ПОЧИ'ЩЕ** 1. *сравн. ст. от прил.* **чи́стый** *и нареч.* **чи́сто** тазараак; **вы́бери лист бума́ги почи́ще** тазараак бир барак кагаз тандап ал; **оде́нься почи́ще** тазараак кийин; 2. *нареч. разг.* (*лучше*) мыктыраак, жакшыраак; **он почи́ще тебя́ рису́ет** ал сүрөттү сенден жакшыраак тартат; 3. *нареч. разг.* (*крепче, более хлёстко*) ого бетер, андан бетер.

**ПО'ЧКА** I *ж. бот.* бүр, күчүк, бүчүр.

**ПО'ЧКА** II *ж. анат.* бөйрөк.

**ПОЧКОВА'НИЕ** *ср. бот., биол.* бүрдүн *же* клетканын бөлүнүшүнөн тукумдашуу (көбөйүү).

**ПОЧКОВА'ТЬСЯ** *несов. бот., биол.* бүрдүн *же* клетканын бөлүнүшүнөн тукумдашуу (көбөйүү).

**ПОЧКОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *анат.* бөйрөк сыяктуу, бөйрөк шекилдүү.

**ПОЧМО'КАТЬ** *сов. разг.* эриндерин чопулдатуу, шыпшынуу, чоп эттирип коюу.

**ПОЧМО'КИВАТЬ** *несов. разг.* анда-санда эриндерин чопулдатуу, чоп эттирип коюу.

**ПО'ЧТА** *ж.* 1. почта; **посла́ть письмо́ по по́чте** почта аркылуу кат жиберүү; 2. (*корреспонденция*) почта (*почта аркылуу келген газета, журнал, кат, кабарлар*); **у́тренняя по́чта** эртең мененки почта; **дипломати́ческая по́чта** дипломатиялык почта; **получи́ть по́чту** кабар алуу (*почта аркылуу*); **разноси́ть по́чту** почтаны, каттарды таратып берүү; 3. (*почтовая контора*) почта, почта конторасы; **иду́ на по́чту** почтага баратамын.

**ПОЧТАЛЬО'Н** *м.* почтальон, почтоочу (*кат ташуучу, кат, газета, журнал ж. б. ташуучу киши*).

**ПОЧТА'МТ** *м.* почтамт (*шаардагы почтанын борбордук бөлүмү*).

**ПОЧТЕ'НИЕ** *ср.* кадырдоо, урматтоо, сыйлоо; **относи́ться** *к кому-л.* **с почте́нием** *бирөөнү* урматтап мамиле кылуу; **ока́зывать почте́ние** урмат көрсөтүү; **с почте́нием** (*подпись в письме*) урматтоо менен (*катка кол койгондо*); ◇ **моё почте́ние!** *разг.* (*приветствие*) саламатсызбы!, жакшысызбы! (*амандашканда*); **переда́й моё почте́ние** менден салам айт.

**ПОЧТЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое кадырдуу, урматтуу, ардактуу; **почте́нный челове́к** урматтуу киши; ◇ **челове́к почте́нного во́зраста** улгайып калган киши.

**ПОЧТИ'** *нареч.* эле, жакын, дээрлик, =чалык, =гандай; **я почти́ зако́нчил рабо́ту** ишти бүтөйүн деп калдым; **я почти́ вы́здоровел** мен айыгайын деп калдым; **я его́ ви́жу почти́ ка́ждый день** мен аны күн сайын дээрлик көрөмүн; **почти́ килогра́мм** килограммга жакын; ◇ **почти́ что** дээрлик, =гадай эле; **он почти́ что попра́вился** ал айыгып эле калды; **почти́ полови́на** жарымы дээрлик.

**ПОЧТИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* сыйлап, кадырдап, урматтап.

**ПОЧТИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* сыйлоочулук, кадырдоочулук, кадыр, сый көрсөтүүчүлүк; урматтоочулук.

**ПОЧТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. ызаттаган, ызаттуу, урматтаган, урматтуу, адептүү, сыйлаган; **почти́тельное отноше́ние** *к кому-л. бирөөгө* урматтап мамиле кылуу; **почти́тельный учени́к** адептүү окуучу; 2. *перен. разг.* (*значительный — о размере, величине*) бир топ, бир далай; **почти́тельное расстоя́ние** бир далай аралык.

**ПОЧТИ'ТЬ** *сов. кого-что чем* 1. (*выразить уважение*) сыйлоо, сый (урмат) көрсөтүү; **почти́ть па́мять уме́ршего встава́нием** өлгөндү ордунан туруп эске түшүрүү (*өлгөн кишини эске түшүрүү*); 2. (*оказать честь*) урмат көрсөтүү, урматтоо, сый көрсөтүү.

**ПОЧТМЕ'ЙСТЕР** *м. уст.* почтмейстер (*почта конторасын башкаруучу чиновник*).

**ПОЧТО'ВО-ТЕЛЕГРА'ФНЫЙ,** -ая, -ое почта-телеграфтык; **почто́во-телегра́фные расхо́ды** почта-телеграф расходдору (чыгымдары); **почто́во-телегра́фная связь** почта-телеграфтык байланыш.

**ПОЧТО'ВЫЙ,** -ая, -ое **почта**-*га т.*; почталык; **почто́вый я́щик** почта ящиги; **почто́вая ма́рка** почта маркасы; **почто́вая бума́га** почта кагазы; **почто́вый по́езд** почта поезди; **почто́вый го́лубь** почтоочу көгүчкөн; ◇ **е́хать как на почто́вых** *уст.* чабаганга бараткансып, шашып жүрүү.

**ПОЧУ'ВСТВОВАТЬ** *сов. что* сезүү, туюу; **почу́вствовать хо́лод** суукту сезүү.

**ПОЧУ'ВСТВОВАТЬСЯ** *сов. безл.* сезилүү, туюлуу, билинүү; **почу́вствовалось похолода́ние** суук боло баштаганы сезилди.

**ПОЧУ'ДИТЬСЯ** *сов. кому-чему, разг.* өңдөнүп көрүнүү, өңдөнүп угулуу, элестөө.

**ПОЧУ'ЯТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жыт алуу, жыт билүү, жыт сезүү; **соба́ка почу́яла во́лка и насторожи́лась** ит карышкырдын жытын алып, кулагын түрдү; 2. *что, перен. разг.* сезүү, байкоо, билүү; **я сра́зу почу́ял в нём хоро́шего това́рища** анын жакшы жолдош экенин мен дароо эле сездим.

**ПОШАГА'ТЬ** *сов.* кадам басуу, басуу, басып жүрүү.

**ПОША'ЛИВАТЬ** *несов.* 1. *разг.* (*шалить*) тентектик кылуу, шоктук кылуу; 2. *перен. разг.* (*побаливать*) ооруу, анда-санда ооруп коюп жүрө берүү; **се́рдце у меня́ ста́ло поша́ливать** менин жүрөгүм анда-санда ооруп коючу болду; 3. *перен. разг.* (*заниматься разбоем*) анда-санда тоной коюу, каракчы коюу.

**ПОШАЛИ'ТЬ** *сов.* тентектик кылуу, шоктук кылуу; **пошали́л и бу́дет** болду эми, тентектик кылба.

**ПОША'МКАТЬ** *сов. разг.* балдыроо, булдуроо, эриндерин бүлкүлдөтүп кыймылдатуу.

**ПОША'РИТЬ** *сов. разг.* аңтаруу, издеп аңтаруу, тинтүү.

**ПОШАТНУ'ТЬ** *сов. что* 1. шалкылдатуу, былкылдатуу (*мис. мамыны*); 2. *перен.* (*поколебать*) бошотуу, начарлатуу (*мис. ишенимди, саламаттыкты*).

**ПОШАТНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. шалкылдап калуу, шылкылдап бошоп калуу (*мис. мамы*); кыйшайып калуу, кыйшайган бойдон калуу (*мис. дубал*); 2. *перен.* (*поколебаться*) бошоп калуу, начарлап калуу (*мис. ишеним, саламаттык*).

**ПОША'ТЫВАТЬ** *несов. безл.* теңселтүү, козгоп коюу, чайкап коюу.

**ПОША'ТЫВАТЬСЯ** *несов. разг.* теңселүү, солкулдоо.

**ПОШВЫРЯ'ТЬ** *сов. что, разг.* ыргыта берүү, ыргытып жиберүү; туш-тушка иретсиз ыргытып, чачып жиберүү.

**ПОШЕВЕ'ЛИВАТЬ** *несов. что* кыймылдатуу, оодарыштыруу, силкүү, ары-бери шилөө (көсөө), аралаштыруу.

**ПОШЕВЕ'ЛИВАТЬСЯ** *несов. разг.* анда-санда оодарылуу, кыймылдоо, силкинүү; ◇ **пошеве́ливайся!** тез кыймылда!; **пошеве́ливайтесь!** тез кыймылдагыла!

**ПОШЕВЕЛИ'ТЬ** *сов. что, чем* кыймылдатуу, козгоо; ары-бери шилөө (*мис. чокту*).

**ПОШЕВЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* кыймылдоо.

**ПОШЕВЕЛЬНУ'ТЬ** *однокр. что, чем, разг.* бир аз кыймылдатып коюу, бир аз козгоп коюу; ◇ **па́льцем не пошевельну́ть** чөптүн башын сындырып да койбоо, бир ишти иштейин деп ойлонуп да койбоо.

**ПОШЕВЕЛЬНУ'ТЬСЯ** *однокр. разг.* кыймылдап коюу, козголуп коюу.

**ПОШЕПТА'ТЬ** *сов.* шыбыроо, күбүрөө.

**ПОШЕПТА'ТЬСЯ** *сов.* шыбырашуу.

**ПОШИ'Б** *м. разг.* үлгү, калып, мүнөздүү касиеттердин (белгилеринин) жыйынтыгы.

**ПОШИ'В** *м.* тигүү.

**ПОШИ'ВКА** *ж.* тигүү; **поши́вка брюк** шым тигүү.

**ПОШИ'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **пошивка**-*га т.*; **поши́вочная мастерска́я** кийим тигүүчү мастерская; **поши́вочные рабо́ты** кийим тигүү жумуштары.

www.bizdin.kg

**ПОШИ'ТЬ** *сов. что, разг.* **1.** (*некоторое время*) тигүү, бир аз убакка чейин тигүү; **я пошью ещё пóлчаса** мен дагы жарым саатча тигем; **2.** (*сшить*) тигип бүтүрүү, тигип даяр кылуу; **пошить óбувь** бут кийимди тигип бүтүрүү.

**ПОШЛЁПАТЬ** *сов. разг.* **1.** *кого-что* бир нече мертебе акырын чабуу; **2.** (*пойти шлёпая*) шалпылдатып басуу, талпылдап басуу; **пошлёпать по грязи** баткак жер менен шалпылдатып жүрүү.

**ПО'ШЛИНА** *ж. эк.* пошлина, бажы (*тышка алып чыгуучу жана ичке алып кирүүчү товардан алынуучу өкмөттүк салык*).

**ПО'ШЛИННЫЙ,** -ая, -ое **пошлина**-*га т.*; **пóшлинный сбор** бажы жыйымы.

**ПО'ШЛОСТЬ** *ж.* **1.** уят-сыйыты жоктук, адепсиздик; одонолук; **пóшлость фрáзы** сөздүн адепсиздиги; **2.** (*о выражении, поступке*) адепсиздик; **говорить пóшлости** адепсиз, богооз сөздөр сүйлөө.

**ПО'ШЛЫЙ,** -ая, -ое одоно, уятсыз, адепсиз, богооз.

**ПОШЛЯ'К** *м. разг. презр.* уят-сыйыты жок киши, одоно киши, богооз киши.

**ПОШЛЯ'ТИНА** *ж. разг. презр.* уятсыздык, жаман сөз, богооз сөз.

**ПОШЛЯ'ЧКА** *женск. р. к* **пошля́к.**

**ПОШТУ'ЧНО** *нареч.* дааналап, чекенелеп.

**ПОШТУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое дааналап сатылуучу, дааналап эсептелүүчү, чекенелеп сатылуучу.

**ПОШУМЕ'ТЬ** *сов.* бир аз шуулдоо, бир аз чуулдоо, бир аз чуу көтөрүү.

**ПОШУТИ'ТЬ** *сов.* тамашалоо, калжың кылуу, тамаша кылуу, калжыңдоо, ойноп айтуу.

**ПОШУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **пошути́ть.**

**ПОЩА'ДА** *ж.* аёо, кечирим, ырайым, жан соога берүү; **просить поща́ды** жан соогалоо; **не дава́ть поща́ды** аябоо (*мис. душманды*).

**ПОЩАДИ'ТЬ** *сов. кого-что* аёо, боор ооруу, ырайым кылуу.

**ПОЩЕГОЛЯ'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *чем, в чём* бир аз короздонуу, бир аз кокурайып калуу; **2.** *чем, перен.* (*напр. знаниями*) компоюу, компоюп калуу, бейил күтүп калуу.

**ПОЩЕКОТА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* кытыгылоо; **2.** *что, перен.* (*приятно возбудить*) көңүлдү көтөрүү, делебесин козгоо; **похвала́ пощекота́ла его́ самолю́бие** мактоо анын көңүлүн көтөрдү, ага сары майдай жакты.

**ПОЩЁЛКАТЬ** *сов. разг.* **1.** *что, чего* чагуу; **пощёлкать оре́хи (оре́хов)** жаңгак чагуу; **2.** *чем* (*языком*) тил менен «шык» эттирүү; **3.** *кого-что* (*надавать щелчков*) чертүү; **4.** (*о птицах*) таңшып сайроо, шакылыктап сайроо.

**ПОЩЁЛКИВАТЬ** *несов. см.* **пощёлкать.**

**ПОЩЁЧИНА** *ж.* **1.** алакан менен жаакка чабуу, жаакка тартып жиберүү; **дать пощёчину** алакан менен жаакка тартып жиберүү; **получи́ть пощёчину** жаакка бирди жеш; **2.** *перен.* (*оскорбление*) кордоо, ыза кылуу.

**ПОЩИПА'ТЬ** *сов.* **1.** *что, чего* (*напр. траву*) жулуу, тиштеп жулуп үзүү; **2.** *что* (*подёргать*) тартуу; **3.** *что* (*распушить, потеребить, напр. паклю*) тытуу; **4.** *безл. разг.* (*об ощущении боли, жжения*) ачыштыруу, тызылдатуу.

**ПОЩИ'ПЫВАТЬ** *несов. что, разг.* **1.** анда-санда чымчуу; **2.** (*напр. траву*) анда-санда жулуу, тиштеп үзүү, жулуу, жулуп тартуу; **3.** (*подёргивать — напр. ус*) чымчылап кармоо (*мис. мурутту*); **4.** *безл. перен.* (*об ощущении боли, жжения*) бир аз ачыштыруу.

**ПОЩУ'ПАТЬ** *сов. кого-что* **1.** кармап көрүү, кармалап (сыйпалап) көрүү; **пощу́пать пульс** тамыр кармоо; **2.** *перен. разг.* (*обследовать*) байкап көрүү, текшерип көрүү, жибин тартып көрүү, баш терисин байкап көрүү (*мис. окуучунун билимин*).

**ПОЭ'ЗИЯ** *ж.* поэзия (*көркөм адабияттын бир түрү, ыр*); **поэ́зия и про́за** поэзия жана проза.

**ПОЭ'МА** *ж.* поэма (*ыр менен жазылган аңгемелүү, сюжеттүү чыгарма*).

**ПОЭ'Т** *м.* поэт, акын.

**ПОЭТЕ'ССА** *женск. р. к* **поэ́т**; поэтесса.

**ПОЭТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* коздолгон көркөм түрдө элестетүү, өтө эле сонун түрдө элестетүү.

**ПОЭ'ТИКА** *ж. лит.* поэтика (**1.** *көркөм сөз чыгармачылыгы жөнүндөгү илим*; **2.** *бир акынга, агымга, доорго мүнөздүү болгон акындык манера*).

**ПОЭТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1. поэзия**-*га т.*; поэзиялык, поэтикалык; **поэти́ческое произведе́ние** поэтикалык чыгарма; **2.** (*творческий*) акындык; **поэти́ческая жи́лка** акындык шык, акындык ийкем; **3.** *перен.* (*очаровательный, изящный*) кооз, көркөм, сонун.

**ПОЭТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* кооздук, көркөмдүк, сонундук.

**ПОЭТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **поэти́ческий** 3.

**ПОЭ'ТОМУ** *нареч.* ошондуктан, ошон үчүн; **я спеши́л, поэ́тому не зашёл за тобо́й** мен шашып бараттым эле, ошондуктан сага кире албадым.

**пою́** I, **поёшь** *и т. д. наст. вр. от* **петь.**

**пою́** II, **пои́шь** *и т. д. наст. вр. от* **пои́ть.**

**ПОЯВИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** көрүнө түшүү, көрүнө калуу, көрүнүү, чыгуу; дүйнөгө келүү; **появи́лась луна́** ай чыкты; **2.** *перен.* (*возникнуть*) пайда болуу, чыгуу; **появи́лся но́вый вопро́с** жаңы маселе пайда болду.

**ПОЯВЛЕ'НИЕ** *ср.* көрүнүү, пайда болуу, дүйнөгө келүү, чыгуу.

**ПОЯВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **появи́ться.**

**ПОЯ'РКОВЫЙ,** -ая, -ое козунун *же* токтунун жүнүнөн жасалган; **поя́рковая шля́па** козунун *же* токтунун жүнүнөн жасалган шляпа.

**ПОЯ'РОК** *м.* козунун *же* токтунун кыркылган жүнү.

**ПО'ЯС** *м.* **1.** кур, илгич, кемер; **широ́кий по́яс** жазы кур; **2.** *разг.* (*талия*) бел, бел курчоо; **стоя́ть по по́яс в воде́** белчесинен сууга кирип туруу; **3.** *геогр.* пояс, алкак; **жа́ркий по́яс** ысык пояс, ысык алкак; **уме́ренный по́яс** мелүүн пояс, мелүүн алкак; ◇ **спаса́тельный по́яс** куткаргыч кур, куткаруучу кур (*сууга чөгүп кетпес үчүн белге курчалуучу пробкалуу кур*); **кла́няться в по́яс** эңкейип жүгүнүү; **я его́ за по́яс заткну́** *разг.* аны бөктөрүп кетем.

**ПОЯСНЕ'НИЕ** *ср.* түшүндүрүү, түшүндүргөн аңгеме.

**ПОЯСНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **пояснение**-*ге т.*; түшүндүрүүчү, түшүндүрмө; **поясни́тельная запи́ска** түшүндүрмө кат.

**ПОЯСНИ'ТЬ** *сов. что* түшүндүрүү.

**ПОЯСНИ'ЦА** *ж.* бел (*адамдын бели*).

**ПОЯСНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **поясница**-*га т.*; **поясни́чная мы́шца** бел булчуңу.

**ПОЯСНО'Й,** -а́я, -о́е **1. пояс** 1, 2-*ге т.*; **поясно́й реме́нь** бел кур, бел кемер, илгич; **поясно́й портре́т** белге чейин тартылган портрет; **поясно́й покло́н** жүгүнүү, эңкейип жүгүнүү; **2. пояс** 3-*кө т.*; поястык; **по поясно́му вре́мени** поястык убакыт боюнча.

**ПОЯСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **поясни́ть.**

**ПОЯСО'К** *м. уменьш. от* **по́яс** I белбоочо, илгиче, кичине кур, кичине кемерче.

**ПРА-** *приставка, «алгачкы, мурунку, түпкү» деген сөздөрдүн маанисин билдирүүчү зат жана сын атооч сөздөргө жасайт*; *мис.* **прароди́тели** ата-бабалар.

**ПРАБА'БКА** *ж.* чоң эненин *же* чоң атанын энеси.

**ПРАБА'БУШКА** *ж. см.* **праба́бка.**

**ПРА'ВДА** *ж.* **1.** (*истина; справедливость*) чын, чындык, ырас; **говори́ть пра́вду** чындыкты сүйлөө, чынын айтуу; **стоя́ть за пра́вду** чындыкты жактоо; **2.** (*правота*) чындык, чын, актык, тууралык, адилеттик; **пра́вда на ва́шей стороне́** чындык сиздин тарапта; **ва́ша пра́вда** сиздики туура; **3.** *в знач. сказ.* ырас, чын эле, ырас эле; **пра́вда, что мне письмо́ есть?** чын эле мага кат бар бекен?; **4.** *в знач. вводн. сл.* (*действительно*) чынында, чындыгында, ырасын айтканда;

www.bizdin.kg

**он, пра́вда, хорошо́ хо́дит на лы́жах** ал, чындыгында, лыжада жакшы жүрөт; 5. *в знач. уступ. союза* (*хотя*) чындыгында, менен...; **со́лнце, пра́вда, уже́ взошло́, но ещё хо́лодно** күн чыккан менен али да болсо суук болуп турат; ◇ **не пра́вда ли?** *разг.* чын эмеспи?, же төгүнбү?, же андай эмеспи?; **по пра́вде говоря́** *или* **пра́вду сказа́ть** чынын айтканда, чындыгында; **всеми пра́вдами и непра́вдами** калпты-чынды койгулатып; **пра́вда глаза́ ко́лет** *погов.* туура сөз тууганга жакпайт.

**ПРАВДИ'ВОСТЬ** *ж.* 1. чындык, тууралык; **правди́вость э́тих сообще́ний** бул кабарлардын чындыгы; 2. чынчылдык, адилеттик.

**ПРАВДИ'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. чын, туура; **правди́вое изве́стие** чын кабар; 2. (*склонный к правде*) чынчыл, адилет; **правди́вый челове́к** адилет киши.

**ПРАВДОПОДО'БИЕ** *ср.* чындыктай, чын өңдүү, чынга окшоштук.

**ПРАВДОПОДО'БНЫЙ,** -ая, -ое чындай, чын өңдүү, чындыкка окшогон; **правдоподо́бный расска́з** чындыкка окшогон аңгеме.

**ПРА'ВЕДНИК** *м. уст.* 1. диндин айтканы менен жүрө турган киши; 2. *перен.* такыба, сопу киши.

**ПРА'ВЕДНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* 1. (*благочестивый*) такыба, сопу; 2. (*справедливый*) адилет, чынчыл.

**ПРАВЕ'ТЬ** *несов. полит.* оңчулдануу (*саясатта консерватор болуу*).

**ПРА'ВИЛО** *ср.* 1. эреже, тартип; **арифмети́ческое пра́вило** арифметикалык эреже; **соблюда́ть пра́вила игры́** оюндун тартибин (эрежесин) сактоо; **пра́вила вну́треннего распоря́дка** ички тартип эрежелери; **пра́вила орфогра́фии** орфография эрежелери; 2. (*принцип поведения*) жүрүм-турум эрежеси; **он челове́к стро́гих пра́вил** ал жүрүм-турум эрежелерине бек киши; **по всем пра́вилам иску́сства** *разг.* искусствонун бардык эрежеси боюнча; ◇ **как о́бщее пра́вило** жалпы эреже катарында; **он взял себе́ за пра́вило** ал өзүнө адат кылып алган.

**ПРАВИ'ЛО** *ср.* 1. *тех.* правило (*текшилегич, теңдегич аспап, мис. кирпичти тизгенде*); 2. *мор. уст.* (*руль*) руль.

**ПРА'ВИЛЬНО** 1. *нареч.* туура, дурус; **пра́вильно реши́ть зада́чу** эсепти туура чыгаруу; 2. *безл. в знач. сказ.* туура, дурус.

**ПРА'ВИЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. тууралык, дурустук; **пра́вильность отве́та** жооптун тууралыгы; 2. (*регулярность*) тууралык, ireттүүлүк, үзгүлтүксүздүк.

**ПРА'ВИЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. туура, дурус; **пра́вильный отве́т** туура жооп; 2. (*регулярный*) туура, иреттүү, тартиптүү; **пра́вильное пита́ние больно́го** оору адамга тамакты туура берүү; 3. (*о чертах лица*) түз, келишимдүү, сымбаттуу, көркөмдүү; **пра́вильный нос** келишимдүү мурун; 4. *мат.* туура; **пра́вильный многоуго́льник** туура көп бурчтук.

**ПРАВИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* өкмөт башчысы, башкаруучу, аким.

**ПРАВИ'ТЕЛЬСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **правительство**-*го т.*; өкмөттүк; **прави́тельственная коми́ссия** өкмөттүк комиссия; **прави́тельственное распоряже́ние** өкмөт буйругу.

**ПРАВИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* өкмөт; **Сове́тское прави́тельство** Советтик өкмөт; **глава́ прави́тельства** өкмөт башчысы.

**ПРА'ВИТЬ** I *несов. кем-чем* 1. (*управлять*) башкаруу, бийлөө; 2. (*направлять движение*) башын алып жүрүү, жүргүзүү; **пра́вить маши́ной** машинаны жүргүзүү.

**ПРА'ВИТЬ** II *несов. что* 1. *полигр.* (*исправлять*) оңдоо, түзөтүү; **пра́вить ру́копись** кол жазманы оңдоо, кол жазманы түзөтүү; 2. (*точить*) жануу, курчутуу, бүлөө (*мис. устараны, бычакты*).

**ПРА'ВКА** *ж.* 1. *полигр.* (*исправление*) оңдоо, түзөтүү; 2. (*оттачивание*) жануу, курчутуу, бүлөө (*мис. устараны*).

**ПРАВЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*управление*) башкаруу (*мис мамлекетти*); **фо́рма правле́ния** башкаруу формасы; 2. (*учреждение*) башкарма, правление; **председа́тель правле́ния** правлениенин председатели.

**ПРА'ВНУК** *м.* чөбүрө, неберенин уулу.

**ПРА'ВНУЧКА** *ж.* чөбүрө кыз, неберенин кызы.

**ПРА'ВО** I *ср. в разн. знач.* укук; **избира́тельное пра́во** шайлоо укугу; **междунаро́дное пра́во** *юр.* эл аралык укук; **гражда́нское пра́во** *юр.* граждандык укук; **пра́во на труд и пра́во на о́тдых** эмгек кылуу укугу жана дем алуу укугу; **права́ и обя́занности гра́ждан** граждандардын милдети жана укугу; **пораже́ние в права́х** укуктарынан ажыратуу; **восстанови́ть в права́х** укуктарын кайра калыбына келтирүү; **лиши́ть прав гражда́нства** граждандык укуктарынан ажыратуу; **име́ть пра́во** *на что-л.* *бир нерсеге* укуктуу болуу; **вступи́ть в свои́ права́** күчүнө кирүү, өз укугунан пайдалана баштоо (*кандайдыр кызмат орунунда*); **води́тельские права́** алып жүрүү укуктары; ◇ **с по́лным пра́вом** толук укук менен; **по пра́ву** берилген укук боюнча, өз укугу менен.

**ПРА'ВО** II *вводн. сл. разг.* чындыгында, чынында, ырасын айтканда, эмне дейсиң; **я, пра́во, не зна́ю, что мне де́лать** чындыгында, мен эмне кыларымды билбейм.

**ПРАВО=** I *татаал сөздөрдүн укукка карата болгон мамилени билдирүүчү биринчи бөлүгү*; *мис.* **правонаруши́тель** закон бузуучу, тартип бузуучу.

**ПРАВО=** II *татаал сөздөрдүн эрежелерге карата болгон мамилени билдирүүчү биринчи бөлүгү*; *мис.* **правописа́ние** жазуу эрежелери, орфография.

**ПРАВО=** III *татаал сөздөрдүн «оң» дегенди билдирүүчү биринчи бөлүгү*; *мис.* **правосторо́нний** оң жактагы.

**ПРАВОБЕРЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое оң жээктеги, оң кашаттагы; **правобере́жная Украи́на** оң жээктеги Украина.

**ПРАВОВЕ'Д** *м. уст.* правовед (*укук, закондорду билгич*).

**ПРАВОВЕ'ДЕНИЕ** *ср. уст.* правоведение (*укук жөнүндөгү илим*).

**ПРАВОВЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. *рел.* кандайдыр бир динди бек кармоочу; 2. *в знач. сущ. м., ж.* мусулман; 3. *перен.* кандайдыр бир окуунун же теориянын жолун кыйшаюусуз жолдоочу.

**ПРАВОВО'Й,** -ая, -ое **право** I-*ге т.*; укуктук; **правовы́е но́рмы** укуктук нормалар; **правовы́е отноше́ния** укуктук мамилелер.

**ПРАВОМЕ'РНОСТЬ** *ж.* жөндүүлүк, жөнү бардык, укуктуулук.

**ПРАВОМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое жөн, жөнү бар, жөндүү, укуктуу.

**ПРАВОМО'ЧИЕ** *ср. юр.* укуктуулук, укугу бардык.

**ПРАВОМО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* укуктуу, укугу бар.

**ПРАВОНАРУШЕ'НИЕ** *ср. юр.* законду бузуу, тартип бузуу.

**ПРАВОНАРУШИ'ТЕЛЬ** *м. юр.* закон бузуучу, тартип бузуучу.

**ПРАВОПИСА'НИЕ** *ср.* жазуу эрежелери, орфография.

**ПРАВОПОРЯ'ДОК** *м. юр.* укук тартиби, закон тартиби.

**ПРАВОСЛА'ВИЕ** *ср.* православие (*христиан дининин бир бутагы*).

**ПРАВОСЛА'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. **православие**-*ге т.*; **правосла́вная ве́ра** православие дини; 2. *в знач. сущ. м., ж.* православие дининдеги киши.

**ПРАВОСПОСО'БНОСТЬ** *ж. юр.* укукка жана милдетке жөндөмдүүлүк.

**ПРАВОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* укукка жана милдетке жөндөмдүү.

**ПРАВОСТОРО'ННИЙ,** -яя, -ее оң жактагы, оң тарантагы.

**ПРАВОСУ'ДИЕ** *ср.* 1. сот адилеттиги (*мамлекеттин сот иштери, сот*); 2. *перен.* адилет сот, адилеттик, чындык.

**ПРАВОСУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *юр.* сот адилеттүүлүгү, укукка негизделген сот, адилеттүүлүк.

**ПРАВОТА'** *ж.* актык, тууралык, адилеттик.

www.bizdin.kg

**ПРАВОФЛАНГО'ВЫЙ**, -ая, -ое *воен.* оң флангадагы (*оң тараптагы*).

**ПРА'ВЩИК** *м. полигр.* ондогуч, оңдоочу, түзөткүч, түзөтүүчү, терилген арипти оңдоочу.

**ПРА'ВЫЙ** I, -ая, -ое **1.** оң; **пра́вая нога́** оң бут; **пра́вая рука́** 1) оң кол; 2) *перен.* оң көз, оң кол (*мыкты көмөкчү*); **пра́вый бе́рег реки́** өзөндүн оң жакжы жээги; **2.** *полит.* оңчул; **пра́вые социали́сты** оңчул социалисттер.

**ПРА'ВЫЙ** II, -ая, -ое **1.** (*справедливый*) ак, туура, оң; **на́ше де́ло пра́вое** биздин ишибиз ак; **2.** (*невиновный*) туура, ак, күнөөсүз; **3.** *кратк. ф. в знач. сказ.* туура, чын; **вы пра́вы** сиздики туура; **он был прав** аныкы туура эле.

**ПРА'ВЯЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **пра́вить; 2.** *прил.* башкаруучу; **пра́вящие круги́** башкаруучу чөйрөлөр; **пра́вящие кла́ссы** башкаруучу таптар.

**ПРАГМАТИ'ЗМ** *м. филос.* прагматизм (*чындыктын объективдүү закондорун таануучу жана буржуазия үчүн гана күндөлүк пайдасы бар нерселерди чындык деп эсептөөчү буржуазиялык идеалисттик философиядагы багыт*).

**ПРАГМАТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **прагматизм**-*ге т.*; прагматисттик.

**ПРА'ДЕД** *м.* **1.** чоң атанын *же* чоң эненин атасы; **2. пра́деды** *мн.* (*предки*) ата-бабалар.

**ПРАДЕ'ДОВСКИЙ**, -ая, -ое **прадед**-*ге т.*; **праде́довские обы́чаи** ата-баба салттары, ата-баба үрп-адаттары.

**ПРАДЕ'ДУШКА** *м. см.* **пра́дед** 1.

**ПРА'ЗДНЕСТВО** *ср.* **1.** (*праздник*) майрам; **2.** *разг.* (*пиршество*) той (*салтанаттуу той*).

**ПРА'ЗДНИК** *м.* **1.** майрам; **Пе́рвое ма́я — междунаро́дный пра́здник трудя́щихся** Биринчи Май — эмгекчилердин эл аралык майрамы; **нового́дний пра́здник** Жаңы жыл майрамы; **с пра́здником!** майрам куттуу болсун!, майрамыңыз менен!; **2.** *рел.* **айт; 3.** *перен.* (*радость, торжество по поводу чего-л.*) кубанычтуу окуя, аттуу күн; ◇ **бу́дет и на на́шей у́лице пра́здник** *погов.* биздин колго да карга чычаар, биздин көчөдө да майрам болор (*биз да жетишербиз*).

**ПРА'ЗДНИЧНО** *нареч.* майрамдагыдай, тойдогудай, кооз; **быть пра́здично оде́тым** майрамдагыдай, кооз кийинүү.

**ПРА'ЗДНИЧНОСТЬ** *ж.* майрамдуулук.

**ПРА'ЗДНИЧНЫЙ**, -ая, -ое **1. праздник**-*ке т.*; майрамдык; **пра́здничный день** майрам күн; **пра́здничный наря́д** майрамдык кийим, майрамдык кооздук; **2.** *перен.* (*радостный*) кубанычтуу, шат, көңүлдүү.

**ПРА'ЗДНО** *нареч.* сайрандап, шаттыкта, эч иш кылбай; **пра́здно провести́ день** күндү сайрандап өткөрүү, эч иш кылбай өткөрүү.

**ПРА'ЗДНОВАНИЕ** *ср.* майрамдоо; **пра́зднование Октября́** Октябрды майрамдоо.

**ПРА'ЗДНОВАТЬ** *несов. что* майрамдоо; **пра́здновать день рожде́ния** туулган күнүн майрамдоо.

**ПРАЗДНОСЛО'ВИЕ** *ср. уст.* бекер сөз, ооздун жели.

**ПРА'ЗДНОСТЬ** *ж.* **1.** (*бессодержательность*) курулайлык; **пра́здность разгово́ра** сөздүн курулайлыгы; **2.** (*безделье*) бекерчилик; **жить в пра́здности** бекерчиликте жашоо.

**ПРАЗДНОШАТА'ЮЩИЙСЯ**, -аяся, -ееся *и в знач. сущ. м. разг.* эч бир жумуш кылбай басып жүрүүчү; курулай, бекер сандалуучу.

**ПРА'ЗДНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*бессодержательный*) курулай, анчейин; **пра́здные разгово́ры** курулай сөз; **2.** (*незанятый*) бекер, бош; **пра́здный челове́к** бекер киши.

**ПРА'КТИК** *м.* **1.** практик (*тажрыйбада өз ишин жакшы билген киши*); **он хоро́ший теоре́тик и пра́ктик** ал жакшы теоретик жана практик; **2.** (*практичный человек*) эпчил, тыкан, бүйрө, бышык.

**ПРА'КТИКА** *ж.* **1.** практика, тажрыйба; **сочета́ть тео́рию с пра́ктикой** теорияны практика менен айкалыштыруу; **проводи́ть** *что-л.* **на пра́ктике** *бир нерсени* практикада жүргүзүү; **2.** ык, практика (*бир иш тармагындагы жумуштардын ыгы менен дагдысы*); **пра́ктика перево́да с ру́сского языка́** орус тилинен которуунун практикасы; **3.** (*работа по специальности*) практика, тажрыйба; **у инжене́ра больша́я пра́ктика** инженердин тажрыйбасы чоң (көп); **ле́тняя пра́ктика студе́нтов** студенттердин жайкы практикасы; ◇ **убеди́ться на пра́ктике** *разг.* өз көзү менен көрүп ишенүү, өз башынан өткөрүп көрүү, иш жүзүндө ишенүү.

**ПРАКТИКА'НТ** *м.* практикант (*тажрыйбада үйрөнүүчү, практиканы өтүүчү, үйрөнүүчү*).

**ПРАКТИКА'НТКА** *женск. р. к* **практика́нт**; практикантка.

**ПРАКТИКОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *что* колдонуу; **практикова́ть но́вый ме́тод рабо́ты** иштин жаңы методун колдонуу; **2.** *уст.* өз кесибин иштөө (*врач же юрист жөнүндө*); **э́тот врач тепе́рь не практику́ет** бул врач азыр өз кесибин иштебейт.

**ПРАКТИКОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *в чём* дагдылануу, машыгуу, үйрөнүү, тажрыйба алуу, тажрыйбада өтүү; **практикова́ться в пла́вании** сүзүүгө дагдылануу, сүзүүгө машыгуу, сүзүүгө үйрөнүү; **2.** (*применяться*) колдонулуу, пайдаланылуу, иштетилүү.

**ПРА'КТИКУМ** *м.* практикум (*теориялык курсту өздөштүрүү үчүн өтүлүүчү, көбүнчө вуздардагы практикалык окуу*).

**ПРАКТИЦИ'ЗМ** *м.* **1.** (*деловитость*) эпчилдик, тыкандык, бышыктык; **2.** (*пренебрежение к теории*) практицизм (*теорияга көп көңүл салбай, көбүнчө практикалык ишке оогандык*).

**ПРАКТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **1. практика** 1-*ге т.*; практикалык; **практи́ческая де́ятельность** практикалык иш; **2.** *см.* **практи́чный.**

**ПРАКТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* **1.** (*деловитость*) эпчилдик, тыкандык, бышыктык, бүйрөлүк; **2.** (*экономность, применимость*) ыңгайлуулук, бышыктык, оңтойлуулук; **практи́чность но́вого ме́тода окра́ски тка́ни** кездемени боёонун жаңы методунун ыңгайлуулугу.

**ПРАКТИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*деловитый*) эпчил, тыкан, бүйрө, бышык; **практи́чный челове́к** эпчил киши; **2.** (*экономный, легко применимый*) ыңгайлуу, бышык, оңтойлуу; **практи́чный спо́соб сбо́ра хло́пка** пахта терүүнүн оңтойлуу жолу.

**ПРАМА'ТЕРЬ** *ж.* чоң эненин *же* чоң атанын энеси.

**ПРА'ОТЕЦ** *м. уст.* **1.** чоң атанын атасы; **2. пра́отцы** *мн.* (*предки*) ата-бабалар; ◇ **отпра́виться к пра́отцам** *разг.* өлгөндөргө кошулуу (*өлүү*); **отпра́вить к пра́отцам** *разг.* жайлап салуу (*өлтүрүү*).

**ПРА'ПОРЩИК** *м. воен. уст.* прапорщик (*падышалык Россияда — кенже офицердик чин*).

**ПРАПРА'ВНУК** *м.* небеpенин уулунун уулу *же* небеpенин кызынын уулу.

**ПРАПРА'ВНУЧКА** *ж.* небеpенин кызынын кызы *же* небеpенин уулунун кызы.

**ПРАПРА'ДЕД** *м.* чоң атанын атасынын атасы.

**ПРАРОДИ'ТЕЛЬ** *м. уст. см.* **пра́отец.**

**ПРА'СОЛ** *м. ист.* чоң жалдап (*мал, эт же балык менен дүң соода кылуучу соодагер*).

**ПРИКРЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прикрепи́ть.**

**ПРИКРЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прикрепи́ться;** 2. *страд. к* **прикрепля́ть.**

**ПРИКРИ'КИВАТЬ** *несов. см.* **прикри́кнуть.**

**ПРИКРИ'КНУТЬ** *сов. на кого-что* жекирип айкыруу, зекип кыйкыруу.

**ПРИКРУТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*привязать*) бурап, толгоп байлоо; бурап туруп бекитүү; 2. *что* (*уменьшить*) бурап төмөндөтүү, бурап ылдыйлатуу (басуу); **прикрути́ть фити́ль в ла́мпе** лампанын билигин бурап төмөндөтүү (басуу).

**ПРИКРУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **прикрути́ть.**

**ПРИКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **прикры́ть.**

**ПРИКРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прикры́ться;** 2. *страд. к* **прикрыва́ть.**

**ПРИКРЫ'ТИЕ** *ср.* 1. (*укрытие, убежище*) далда, калканч; **хоро́шее прикры́тие от дождя́** жаандан сактоочу жакшы калканч; **стреля́ть из-за прикры́тия** далдадан туруп атуу; 2. (*защита, охрана*) калканч, далда; **под прикры́тием артилле́рии** артиллериянын далдасы астында; 3. *воен.* коргооч бөлүк; **артиллери́йское прикры́тие** артиллериялык коргооч бөлүк.

**ПРИКРЫ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*накрыть, закрыть*) жабуу, чүмкөө, жаап коюу; **прикры́ть дверь** эшикти жаап коюу; 2. *кого-что* (*заслонить собой*) калкалоо, тосуу; **раски́дистое де́рево прикры́ло нас от со́лнца** калдайган жыгач бизди күндөн калкалап турду; 3. *кого-что, воен.* (*защитить*) калкалоо, далдалоо; **прикры́ть наступле́ние артиллери́йским огнём** чабуулду артиллериянын огу менен калкалоо; 4. *кого-что, перен.* (*скрыть*) жашыруу, жабуу; **прикры́ть обма́н** жалганды жашыруу; 5. *что, разг.* (*закрыть, ликвидировать*) жабуу, жоюу (*мис. шиканаңы*).

**ПРИКРЫ'ТЬСЯ** *сов. чем* 1. (*накрыться*) жамынуу; жабылуу (*мис. дүкөн*); 2. *перен. разг.* (*скрыть что-л.*) жашырылуу, жабылуу.

**ПРИКУПА'ТЬ** *несов. см.* **прикупи́ть.**

**ПРИКУПИ'ТЬ** *сов.* 1. *что, чего* (*дополнительно*) кошумча сатып алуу; 2. *что, карт.* прикуп алуу (*карта оюндарында*).

**ПРИКУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **прикури́ть.**

**ПРИКУРИ'ТЬ** *сов. что* папиросту күйгүзүп алуу (*бирөөнүн папиросунан тутандыруу*).

**ПРИКУ'С** *м.* тиштердин кабышып турушу.

**ПРИКУСИ'ТЬ** *сов. что* тиштеп алуу; **прикуси́ть язы́к** 1) тилди тиштеп алуу; 2) *перен.* жаак басуу, унчукпай калуу.

**ПРИКУ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **прикуси́ть.**

**ПРИЛА'ВОК** *м.* прилавка (*дүкөндө кездеме жайып соода кылынуучу узун стол, текче*); **рабо́тник прила́вка** магазиндеги сатуучу.

**ПРИЛАГА'ТЕЛЬНОЕ** *ср. грам.* сын атооч.

**ПРИЛАГА'ТЬ** *несов. см.* **приложи́ть** 2, 3, 4.

**ПРИЛАГА'ТЬСЯ** *несов.* кошумчалануу, кошо тиркелүү.

**ПРИЛА'ДИТЬ** *сов. что* эп кыюу, эбине келтирүү, эп келиштирүү, эп келтирүү (*мис. эшик жалкыч пружинаны*).

**ПРИЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **прила́дить.**

**ПРИЛАСКА'ТЬ** *сов. кого-что* эркелетүү, сылап-сыйпоо.

**ПРИЛАСКА'ТЬСЯ** *сов. к кому* эркелөө, жаракөрлөнүү.

**ПРИЛЕГА'ТЬ** *несов.* 1. кыналуу, кыналып туруу; **пла́тье прилега́ет к те́лу** көйнөк денесине кыналып турат; 2. (*примыкать*) чектеш болуу, туташ болуу, тутумдаш болуу; **сад прилега́ет к реке́** бак өзөнгө чектеш болуп турат.

**ПРИЛЕЖА'НИЕ** *ср.* кунт, тырышчаактык; **он отлича́ется прилежа́нием** ал тырышчаактыгы менен айырмаланат.

**ПРИЛЕЖА'ЩИЙ,** -ая, -ее *мат.* жанаша жаткан; **прилежа́щая сторона́** жанаша жаткан жак.

**ПРИЛЕ'ЖНО** *нареч.* тырышып, кунт коюп, көңүл коюп; **приле́жно учи́ться** тырышып окуу.

**ПРИЛЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое тырышчаак, көңүл койгон, кунттуу, кунт койгон.

**ПРИЛЕ'ЗТЬ** *сов. разг.* сойлоп, жылып келип кирүү.

**ПРИЛЕПИ'ТЬ** *сов. что* жабыштыруу, чаптоо, чапташтыруу, желимдөө; **прилепи́ть ма́рку на конве́рт** марканы конвертке жабыштыруу.

**ПРИЛЕПИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*о липком*) жабышуу, чапташуу, чапталышуу, желимделүү; 2. *перен. разг.* (*поместиться, расположиться*) жабышуу, жабышкандай болуп туруу (*мис. тоонун бетиндеги үй*).

**ПРИЛЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прилепи́ть.**

**ПРИЛЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прилепи́ться;** 2. *страд. к* **прилепля́ть.**

**ПРИЛЁТ** *м.* учуп келүү (*мис. келгин куштар*).

**ПРИЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **прилете́ть.**

**ПРИЛЕТЕ'ТЬ** *сов.* 1. учуп келүү; **самолёт прилете́л во́время** самолёт өз убагында учуп келди; 2. *перен. разг.* (*примчаться*) бат келүү, ылдам жетип келүү.

**ПРИЛЕ'ЧЬ** *сов.* 1. жатуу, жантаюу, жамбаштап жатуу, жамбаштоо; 2. *к чему* (*прильнуть*) жабышып жатуу, жата калуу; **приле́чь у́хом к земле́** кулагын жерге коюп жатуу, жата калып жер тыңшоо.

**ПРИЛИ'В** *м.* 1. деңиз суусунун мезгил-мезгили менен көтөрүлүшү; 2. *перен.* куюлуш, шыкалыш; **прили́в кро́ви к голове́** кандын башка чыгып шыкалышы; ◇ **в прили́ве гне́ва** жаалданып турганда, ачууланып турганда; **прили́в эне́ргии** кайрат (күчтүн) толушу.

**ПРИЛИВА'ТЬ** *несов. см.* **прили́ть.**

**ПРИЛИ'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **прилиза́ть;** 2. *прил. разг.* (*о волосах*) жылма таралган (*чач*).

**ПРИЛИЗА'ТЬ** *сов. что* 1. (*языком*) тил менен жалап жылмалоо; 2. *перен. разг.* жылма кылып тароо; **прилиза́ть во́лосы** чачты жылма кылып тароо.

**ПРИЛИЗА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жылма кылып тарануу.

**ПРИЛИ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **прилиза́ть.**

**ПРИЛИПА'ТЬ** *несов. см.* **прили́пнуть.**

**ПРИЛИ'ПНУТЬ** *сов. к кому-чему* 1. (*о чём-л. липком*) жабышуу, чапташуу, илээшүү; 2. *перен. разг.* (*надоесть*) жабышуу, асылып жадатуу.

**ПРИЛИ'ПЧИВОСТЬ** *ж. разг.* жабышкактык.

**ПРИЛИ'ПЧИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* 1. (*о липком*) жабышкак, жабышма; 2. *перен.* (*надоедливый*) жадатма, асылгыч, жабышма.

**ПРИЛИ'ТЬ** *сов.* куюлуу, агып келүү, агып чогулуу; **кровь прилила́ к голове́** кан башка агып чогулду, кан башка чыгып шыкалды.

**ПРИЛИ'ЧИЕ** *ср.* адептүүлүк, сылыктык, сыпаалык; **для прили́чия** тим эле сыпаалык үчүн; **соблюда́ть прили́чия** адептүүлүктү сактоо.

**ПРИЛИ'ЧНО** *нареч.* 1. адептүү, сыпайы, түзүк, жакшы; **вести́ себя́ прили́чно** өзүн адептүү алып жүрүү; 2. *разг.* (*удовлетворительно*) түзүк, жаман эмес.

www.bizdin.kg

**ПРИЛИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*пристойный*) адептүү, сыпаа, сылык; **2.** *разг.* (*удовлетворительный*) жаман эмес; **сегодня приличная погода** бүгүн аба-ырайы жаман эмес.

**ПРИЛОВЧИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* ык алуу, ийкемдүү болуу, ийкемдүүлүккө үйрөнүү.

**ПРИЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*применение, направление*) жумшоо, колдонуу, колдонулуу, пайдалануу; **приложе́ние зна́ний на пра́ктике** билимди практикада колдонуу; **2.** кошо тиркөө, тиркөө, тиркеп коюу, кошуу; **приложе́ние докуме́нтов к заявле́нию** документтерди арызга кошо тиркөө; **3.** (*то, что приложено*) тиркеме, кошумча; **журна́л с приложе́ниями** кошумчалары бар журнал; **4.** (*напр. печати*) басуу (*печатты, мөөрдү*); **5.** *грам.* кошумча мүчө (*өзүнүн аныкталгычына кошумча ат берүүчү аныктоочунун бир бөлүгү; мис. Кабылан Манас, баатыр үчкүч, окуучу Асан ж. б.*).

**ПРИЛОЖИ'ТЬ** *сов. что* **1.** коюу, басуу; **приложи́ть ру́ку ко лбу́** колду чекеге басуу; **2.** (*представить вместе*) кошо тиркөө, тиркөө, тиркеп коюу, кошуу; **приложи́ть к заявле́нию докуме́нты** документтерди арызга кошо тиркөө; **3.** (*направить действие чего-л.*) жумшоо, салуу; **приложи́ть си́лу** *физ.* күч жумшоо (салуу); **приложи́ть все си́лы для выполне́ния пла́на** планды орундоо үчүн бардык күчтү жумшоо; **4.** (*применить*) колдонуу, пайдалануу; **приложи́ть тео́рию на пра́ктике** теорияны практикада колдонуу; **5.** (*напр. печать*) басуу; ◇ **ума́ не приложу́** *см.* **ум.**

**ПРИЛОЖИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*напр. к руке*) урматтап өбүү (*мис. аялдын колун*); **2.** (*приблизить вплотную*) жакын коюу (келтирүү); **приложи́ться у́хом к две́ри** эшикке кулак коюп тыңшоо; **3.** (*нацелиться*) шыкаалоо, мээлөө; ◇ **остально́е прило́жится** калганы өзү эле келет.

**ПРИЛЬНУ'ТЬ** *сов. к кому-чему* ыктоо, жабышуу, асылып эркелөө.

**ПРИ'МА** *ж. муз.* прима (**1.** *гаммадагы биринчи негизги үн, тыбыш*; **2.** *скрипка, виолончель сыяктуу музыкалык инструменттин биринчи кылы*; **3.** *ансамблде биринчи партияны аткаруучу киши же инструмент*).

**ПРИ'МА-БАЛЕРИ'НА** *ж.* прима-балерина (*биринчи ролдорду аткаруучу балерина*).

**ПРИМАДО'ННА** *ж. театр.* примадонна (*биринчи ролдорду аткаруучу опералык обончу аял*).

**ПРИМА'ЗАТЬСЯ** *сов. к кому-чему, разг.* кынчылуу, кыстырылуу, эки жүздүүлүк кылып кыпчылуу.

**ПРИМА'ЗЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **прима́заться.**

**ПРИМА'НИВАТЬ** *несов. см.* **примани́ть.**

**ПРИМАНИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* **1.** жакшы көрүнүп, өзүнө тартуу; **2.** *перен.* өзүнө тартуу, кызыктыруу.

**ПРИМА'НКА** *ж.* **1.** *охот.* татканткыч жем (*мис. балыкты, илбээсиндик, куштү, аңды уулаганда таткандырып, бир жерге кынтыктыруу үчүн салынуучу жем*); **2.** *перен.* кызыктырып өзүнө тарткыч нерсе.

**ПРИМА'Т** *м. филос.* примат, алгачкылык, негизгилик, биринчи маанилүүлүк.

**ПРИМА'ТЫ** *мн.* (*ед.* **прима́т** *м.*) приматтар (*сүтчүл айбандардын жогорку түркүмү; буга — адам, маймыл жана чала маймылдар кирет*).

**ПРИМА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **примочи́ть.**

**ПРИМА'ЩИВАТЬСЯ** *несов. см.* **примости́ться.**

**ПРИМЕЛЬКА'ТЬСЯ** *сов. разг.* көзгө өтө эле үйүр болуу, көрө берип көзгө тааныш болуу (*көп кездеше турган бир нерсе*).

**ПРИМЕНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*употребление*) колдонуу, колдонулуу, жумшалуу, жумшоо; **примене́ние но́вой маши́ны в произво́дстве** жаңы машинаны өндүрүштө колдонуу; **2.** (*приспособление*) көнүгүү, үйрөнүшүү; **примене́ние к но́вым усло́виям рабо́ты** иштин жаңы шарттарына көнүгүү; **примене́ние к кли́мату** климатка үйрөнүү; ◇ **в примене́нии** *к чему-л.* *бир нерсеге* караганда, салыштырып караганда.

**ПРИМЕНИ'МОСТЬ** *ж.* колдонуучулук, пайдаланууга жөндөмдүүлүк.

**ПРИМЕНИ'МЫЙ**, -ая, -ое колдонулуучу, пайдаланууга жөндөмдүү.

**ПРИМЕНИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* салыштырып караганда, ылайыктуу; **примени́тельно к ме́стным усло́виям** жергиликтүү шарттарга ылайыктуу; **примени́тельно к да́нному слу́чаю** ушул учурга ылайыктап көргөндө.

**ПРИМЕНИ'ТЬ** *сов. что к кому-чему* колдонуу, пайдалануу, ишке ашыруу; **примени́ть но́вый ме́тод рабо́ты** иштин жаңы методун колдонуу.

**ПРИМЕНИ'ТЬСЯ** *сов. к кому-чему* **1.** көнүү, үйрөнүшүү; **примени́ться к но́вым усло́виям рабо́ты** иштин жаңы шарттарына көнүгүү; **2.** колдонулуу, ишке ашырылуу.

**ПРИМЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **примени́ть.**

**ПРИМЕНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** колдонулуу, ылайыкталуу; **2.** *страд. к* **применя́ть.**

**ПРИМЕ'Р** *м.* **1.** үлгү, өрнөк, мисал; **показа́ть приме́р** үлгү көрсөтүү; **взять приме́р** *с кого-л. бирөөдөн* үлгү алуу; **служи́ть приме́ром** үлгү боло алуу; **приме́р му́жества** эрдиктин үлгүсү; **2.** *мат.* маселе, мисал; **реши́ть приме́ры** мисалдарды чыгаруу; ◇ **для приме́ра** үлгү үчүн, мисалы; **к приме́ру** мисалы; **по твоему́ приме́ру** сага карап; **не в приме́р** алда канчалык жогору, башкалардай эмес.

**ПРИМЕРЗА'ТЬ** *несов. см.* **примёрзнуть.**

**ПРИМЁРЗНУТЬ** *сов.* кошо тоңуу, жабышып тоңуу.

**ПРИМЕ'РИВАТЬ** *несов. см.* **приме́рить.**

**ПРИМЕ'РИТЬ** *сов. что* ченөө, өлчөө, ченеп көрүү; **приме́рить костю́м** костюмду ченөө; ◇ **семь раз приме́рь, а оди́н раз отре́жь** *посл.* жети өлчөп, бир гана кес.

**ПРИМЕ'РКА** *ж.* ченөө, өлчөө; өлчөп, чактап көрүү (*мис. тигилип жаткан кийимди*).

**ПРИМЕ'РНО** *нареч.* **1.** (*образцово*) үлгүлүү, өрнөктүү; **приме́рно вести́ себя́** өзүн үлгүлүү алып жүрүү; **2.** (*приблизительно*) болжолдуу, чамалуу, чамалап айтканда; **мы приме́рно так и договори́лись** биз, чамалап айтканда, так ушундай деп макулдашкан болчубуз.

**ПРИМЕ'РНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*образцовый*) үлгүлүү, өрнөктүү; **приме́рное поведе́ние** үлгүлүү жүрүш-туруш; **2.** (*приблизительный*) болжолдуу, чамалуу; **приме́рный срок оконча́ния рабо́ты** жумуштун аякташынын чамалуу мөөнөтү.

**ПРИМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **приме́рить.**

**ПРИМЕСИ'ТЬ** *сов. что, чего* кошуп жууруу.

**ПРИ'МЕСЬ** *ж.* катыш, кошунду, аралаш; **гли́на с при́месью песка́** кум менен аралашкан топурак.

**ПРИМЕ'ТА** *ж.* **1.** белги; **осо́бые приме́ты** өзгөчө белгилер; **2.** (*в суеверных представлениях*) жорук, ырым-жырым, белги; **хоро́шая приме́та** жакшы жорук (белги); ◇ **быть на приме́те** көзгө көрүнүктүү болуу, көзгө чалынуу; **име́ть на приме́те** эске ала жүрүү.

**ПРИМЕТА'ТЬ** *сов. что* кабуу, кабып тигүү.

**ПРИМЕ'ТИТЬ** *сов. кого-что, разг.* байкоо, белгилөө, байкап калуу, белгилеп калуу; **не приме́тили са́мого гла́вного** эң негизгисин байкабай калуу.

**ПРИМЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое белгилүү, көрүнүктүү, көзгө чалынарлык.

**ПРИМЁТЫВАТЬ** *несов. см.* **примета́ть.**

**ПРИМЕЧА'НИЕ** *ср.* эскертүү (*текстине кошумча түшүнүк*); **примеча́ния даны́ в конце́ кни́ги** эскертүүлөр китептин аягында берилген.

**ПРИМЕЧА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое көрүнүктүү; **примеча́тельное собы́тие** көрүнүктүү окуя.

**ПРИМЕЧА'ТЬ** *несов. разг.* **1.** *см.* **приме́тить; 2.** *за кем-чем* (*наблюдать*) байкоо, байкап калуу; **смотри́ и примеча́й** карап байкай жүр.

**ПРИМЕША'ТЬ** *сов. что, чего* аралаштыруу, кошуу.

**ПРИМЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **примеси́ть.**

**ПРИМЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **примеша́ть.**

www.bizdin.kg

**ПРИМИНА́ТЬ** *несов. см.* **примя́ть.**

**ПРИМИРЕ́НЕЦ** *м. полит.* келишүүчү, келишип кетүүчү (*буржуазиянын максатын көздөгөн оппортунист*).

**ПРИМИРЕ́НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) келишүү, жарашуу, ынтымакташуу, татуулашуу; **2.** (*мир, согласие*) тынчтык, жараштыруу; **ме́жду ни́ми наступи́ло по́лное примире́ние** алардын ортосунда толук тынчтык орноду.

**ПРИМИРЕ́НЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *неодобр.* келишип кетүүчүлүк менен болгон, келишүүчүлүк менен болгон.

**ПРИМИРЕ́НЧЕСТВО** *ср. неодобр.* келишүүчүлүк, келишип кетүүчүлүк.

**ПРИМИРИ́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое элдештирүүчү, келиштирүүчү, жараштыруучу.

**ПРИМИРИ́ТЬ** *сов. кого-что* элдештирүү, жараштыруу, ынтымакташтыруу, табыштыруу.

**ПРИМИРИ́ТЬСЯ** *сов.* **1.** *с кем* (*помириться*) элдешүү, жарашуу, ынтымакташуу, татуулашуу; **2.** *с кем-чем* (*смириться*) макул болуу, көнүү.

**ПРИМИРЯ́ТЬ** *несов. см.* **примири́ть.**

**ПРИМИРЯ́ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **примири́ться; 2.** *страд. к* **примиря́ть.**

**ПРИМИТИ́В** *м.* примитив, жөнөкөй, алгачкы (**1.** *жөнөкөй жана олдоксон иштелген нерсе*; **2.** *ар бир алгачкы, өрчүбөгөн, жөнөкөй кубулуш; искусстводо — эң алгачкы жөнөкөй чыгарма*).

**ПРИМИТИ́ВНОСТЬ** *ж.* **1.** (*несложность*) примитивдүүлүк, жөнөкөйлүк; **2.** *перен.* (*ограниченность*) аң-сезимдин тардыгы, артта калгандык.

**ПРИМИТИ́ВНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*несложный*) примитивдүү, жөнөкөй, татаал эмес, жөнөкөй жасалган; **2.** *перен.* (*ограниченный*) аң-сезими тар, артта калган.

**ПРИМКНУ́ТЬ** *сов. к кому-чему* кошулуу, биригүү; **я примкну́л к гру́ппе экскурса́нтов** мен экскурсанттардын тобуна кошулдум; ◊ **примкну́ть штык** *воен.* штыкты кийгизип бекитүү, аштоо (*мылтыкка найзаны кийгизип бекитүү*).

**ПРИМО́ЛКНУТЬ** *сов.* басылып калуу, унчукпай калуу, унчукпоо, үндөбөй (тыбыш чыгарбай) калуу, үндөбөө.

**ПРИМО́РСКИЙ,** -ая, -ое деңиздин жээгиндеги (боюндагы, жанындагы); **примо́рский парк** деңиз жээгиндеги парк.

**ПРИМО́РЬЕ** *ср.* деңиздин айланасындагы (тегерегиндеги, боюндагы) жер.

**ПРИМОСТИ́ТЬСЯ** *сов. разг.* эптеп кыччылып отуруу, орун алуу (ыксыз жайдан).

**ПРИМОЧИ́ТЬ** *сов. что* нымдоо, суулоо, чылоо.

**ПРИМО́ЧКА** *ж.* примочка (*ооруган жерге басылуучу кебез же чүпүрөк чылануучу дары*).

**ПРИ́МУЛА** *ж. бот.* примула (*жазында эрте гүлдөй турган көп жылдык өсүмдүк*).

**ПРИ́МУС** *м.* примус.

**ПРИМЧА́ТЬ** *сов. кого-что, разг.* чуркап жеткирүү, чаап жеткирүү, тез жеткирүү.

**ПРИМЧА́ТЬСЯ** *сов. разг.* тез чуркап келүү, чаап жетип келүү, тез келүү.

**ПРИМЫКА́НИЕ** *ср. грам.* ыкташуу.

**ПРИМЫКА́ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **примкну́ть; 2.** (*находиться рядом*) тутумдаш болуу, танапташ болуу, катарлаш болуу; **к до́му примыка́ет сад** бак үйгө туташ тигилген; **на́ши дворы́ примыка́ют друг к дру́гу** биздин короолор бири-бири менен туташ (катар).

**ПРИМЯ́ТЬ** *сов. что* уйпалоо, жапыруу, тебелеп-тепсөө.

**ПРИМЯ́ТЬСЯ** *сов.* уйпалануу, жапырылуу, тебеленүү.

**ПРИНАДЛЕЖА́ТЬ** *несов.* **1.** *кому-чему* таандык болуу, тиешелүү болуу, ээ болуу, жатуу, караштуу болуу; **же́нщине в СССР принадлежа́т права́ ра́вные с мужчи́ной** СССРде эркектер кандай укукка ээ болсо, аялдар да ошондой эле укукка ээ; **ему́ принадлежи́т заслу́га ва́жного изобрете́ния** маанилүү ойлоп чыгарууда сиңирген эмгек ага таандык; **2.** *к чему* (*входить в состав чего-л.*) таандык болуу, кирүү; **он принадлежи́т к гру́ппе выдаю́щихся де́ятелей** ал көрүнүктүү ишмерлердин тобуна кирет.

**ПРИНАДЛЕ́ЖНОСТЬ** *ж.* **1.** *чаще мн.* буюм, керек-жарак, шайман, аспап; **канцеля́рские принадле́жности** канцелярдык буюмдар; **рыболо́вные принадле́жности** балык кармоочу аспаптар; **2.** таандык, тиешелүү, бар болуу, жатуу, кирүү; **принадле́жность к па́ртии** партияга тиешелүүлүгү, партияда бар болуу; ◊ **по принадле́жности** тиешелүүлүгүнө карай; кимге *же* эмнеге тиешелүү болсо, ошого карай (*мис. арызды жиберүү*).

**ПРИНАЛЕ́ЧЬ** *сов. разг.* **1.** *на кого-что* (*навалиться*) бир аз күчөп басуу, бир аз күч салып аракет кылуу; **принале́чь на вёсла** кайыктын калагын бир аз күч салып айдоо; **2.** *на что, перен.* (*усердно приняться*) кунт коюу, тырышуу, жан-дили менен берилүү; **принале́чь на заня́тия** занятиеге жан-дили менен берилүү.

**ПРИНАРЯДИ́ТЬ** *сов. кого-что, разг.* жасоо, коoздоп жакшы кийиндирүү, жасандыруу.

**ПРИНАРЯДИ́ТЬСЯ** *сов. разг.* жасануу, кооздонуп жакшы кийинүү.

**ПРИНАРЯЖА́ТЬ** *несов. см.* **принаряди́ть.**

**ПРИНАРЯЖА́ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **принаряди́ться; 2.** *страд. к* **принаряжа́ть.**

**ПРИНЕВО́ЛИВАТЬ** *несов. см.* **принево́лить.**

**ПРИНЕВО́ЛИТЬ** *сов. кого к чему, разг.* күчтөө, зордоо, эрксиз көндүрүү.

**ПРИНЕСЕ́НИЕ** *ср.* берүү; **принесе́ние прися́ги** ант берүү; **принесе́ние благода́рности** ыракмат айтуу; **принесе́ние в дар** сыйлык кылып берүү, тартуу кылып берүү.

**ПРИНЕСТИ́** *сов.* **1.** *кого-что* алып келүү; **принести́ домо́й поку́пки** сатып алгандарды үйгө алып келүү; **2.** *кого, разг.* (*о животных—родить*) балалоо, тууш (*мис. мышык*); төрөө; **3.** *что* (*дать урожай*) түшүм берүү; **4.** *что, перен.* (*дать, доставить*) берүү; **принести́ дохо́д** киреше берүү; **принести́ по́льзу** пайда берүү; **5.** *что* берүү, айтуу; **принести́ благода́рность** алкыш айтуу; **принести́ кля́тву** ант берүү; **принести́ свои́ извине́ния** кечирим суроо.

**ПРИНЕСТИ́СЬ** *сов. разг.* тез келүү, тез жетүү, чапкан бойдон жетип келүү.

**ПРИНИЖА́ТЬ** *несов. см.* **прини́зить.**

**ПРИНИ́ЖЕННОСТЬ** *ж.* кемсинтилгендик, басындырылгандык, кордолгондук.

**ПРИНИ́ЖЕННЫЙ,** -ая, -ое кемсинткен, басынткан, кордолгон.

**ПРИНИ́ЗИТЬ** *сов.* **1.** *кого* (*унизить*) кемсинтүү, басынтуу; **2.** *что* (*уменьшить*) кичирейтүү, төмөндөтүү; **прини́зить значе́ние** *чего-л.* бир нерсенин маанисин төмөндөтүү (кичирейтүү).

**ПРИНИКА́ТЬ** *несов. см.* **прини́кнуть.**

**ПРИНИ́КНУТЬ** *сов. к кому-чему* кыналуу, жабышуу, коюлуу; **прини́кнуть у́хом к земле́** жерге кулагын коюп тыңшоо.

**ПРИНИМА́ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **приня́ть; 2.** (*при родах*) төрөткө жардам кылуу; ◊ **принима́я во внима́ние** эске алып, назарга алып.

**ПРИНИМА́ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приня́ться; 2.** *страд. к* **принима́ть.**

**ПРИНОРА́ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **приноровить.**

**ПРИНОРА́ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приноровиться; 2.** *страд. к* **принора́вливать.**

**ПРИНОРОВИ́ТЬ** *сов. что, разг.* ылайыктоо, ыйкемдөө, тууралоо, туура келтирүү, эптөө, ылайыкташтыруу; **приноровить оконча́ние рабо́ты к концу́ ме́сяца** жумуштун бүтүшүн айдын аягына туура келтирүү.

**ПРИНОРОВИ́ТЬСЯ** *сов. к чему, разг.* ылайыкталуу, ыйкемделүү, тууралануу, көнүгүү (*мис. жаңы шарттарга*).

www.bizdin.kg

**ПРИНОСИ'ТЬ** *несв. см.* **принести́.**

**ПРИНОШЕ'НИЕ** *ср. уст.* белек, тартуу.

**ПРИНУДИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* зордолгондук, эрксиздик.

**ПРИНУДИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое зордогон, эрксиз; **принуди́тельные ме́ры** зордогон (зордукка салган) чаралар; **сде́лать** *что-л.* **в принуди́тельном поря́дке** *бир нерсени* зордук менен иштөө.

**ПРИНУ'ДИТЬ** *сов. кого-что с неопр.* аргасыз кылуу, зордоо, эрксиз иштетүү.

**ПРИНУЖДА'ТЬ** *несов. см.* **принудить.**

**ПРИНУЖДЕ'НИЕ** *ср.* зордук, аргасыз кылуу, зордоо, эрксиз иштетүү, кыстоо; **по принужде́нию** аргасыздыктан, кыстоо менен; **без принужде́ния** кыстоосуз, зордоосуз.

**ПРИНУЖДЁННОСТЬ** *ж.* 1. аргасыздык, айласыздык, эрксиздик; **принуждённость в обраще́нии** мамиле кылуудагы аргасыздык; 2. (*неестественность*) анткордук, табигый эместик.

**ПРИНУЖДЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **прину́дить;** 2. анткор, табигый эмес, зордогон; **принуждённый смех** анткор күлкү.

**ПРИНЦ** *м.* принц (*канзада, падышазада*).

**ПРИНЦЕ'ССА** *ж.* принцесса (*кан кызы, падыша кызы*).

**ПРИ'НЦИП** *м.* 1. (*основное положение*) принцип (*негиз; мис. теориянын негизи*); 2. (*убеждение, точка зрения*) принцип (*көз караш, ишеним*); **э́то про́тив мои́х при́нципов** бул менин принциптериме каршы; ◇ **в при́нципе** принципте, негизинде; **в при́нципе я согла́сен** негизинде мен макулмун.

**ПРИНЦИПА'Л** *м. уст.* башчы, кожоюн, ээ.

**ПРИНЦИПИА'ЛЬНО** *нареч.* принципиалдуу жагынан, негизинен; **принципиа́льно я согла́сен** негизинен мен макулмун.

**ПРИНЦИПИА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* принциптүүлүк, принципиалдуулук (1. *принципке, маселенин негизине байланыштуулук*; 2. *тийиштүү жолдон чыкпагандык*).

**ПРИНЦИПИА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*касающийся принципов*) принциптүү, принципиалдуу (*маселени негизинен козгогон*); **принципиа́льный вопро́с** принциптүү маселе; **принципиа́льный спор** принциптүү талаш-тартыш; 2. (*придерживающийся твёрдых принципов*) принциптүү (*өзүнүн туткан жолунан кайтпаган*); **принципиа́льный челове́к** принциптүү киши; 3. (*основной, общий*) негизинен, жалпысынан; **дать принципиа́льное согла́сие** негизинен макулдугун берүү.

**ПРИНЮ'ХАТЬСЯ** *сов. разг.* жытка көнүү, жытка үйрөнүп калуу, жытыгып калуу; **приню́хаться к таба́чному ды́му** тамекинин жытына көнүү.

**ПРИНЮ'ХИВАТЬСЯ** *несов. см.* **принюхаться.**

**ПРИНЯ'ТИЕ** *ср.* кабыл алуу; берүү; **приня́тие резолю́ции** резолюцияны кабыл алуу; **приня́тие прися́ги** ант берүү.

**ПРИ'НЯТЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **приня́ть;** 2. *прил.* адат болуп калган, көнүмүш; **при́нятый поря́док** адат болуп калган тартип.

**ПРИНЯ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*взять, получить*) алуу, өткөрүп алуу; **приня́ть паке́т** пакетти алуу; **приня́ть па́ртию това́ра** бир партия товарларды өткөрүп алуу; 2. *кого* (*включить в состав*) кабыл алуу, алуу; **приня́ть в чле́ны профсою́за** профсоюздун мүчөлүгүнө алуу; **приня́ть на рабо́ту** кызматка алуу; 3. *кого* кабыл алуу; **приня́ть делега́цию** делегацияны кабыл алуу; **врач при́нял пять больны́х** врач оорулуу беш кишини кабыл алды; 4. *что* (*утвердить*) кабыл алуу, бекитүү, чыгаруу; **приня́ть резолю́цию** резолюцияны кабыл алуу; **приня́ть зако́н** закон кабыл алуу (чыгаруу); 5. *что* (*согласиться с чем-л.*) кабыл алуу, туура деп табуу; **приня́ть** *чей-л.* **сове́т** *бирөөнүн* кеңешин туура деп табуу; 6. *что* (*выпить, съесть*) ичүү; **приня́ть лека́рство** дары ичүү; **приня́ть пи́щу** тамак ичүү; 7. *кого-что за кого-что* (*признать, счесть*) эсептөө, ыйгаруу, окшотуу, ...деп билүү, ...экен деш; **я при́нял его́ за знако́мого** мен аны тааныш киши экен деп ойлодум; **приня́ть за шу́тку** оюнга ыйгаруу, тамаша экен деп түшүнүү; ◇ **приня́ть сигна́л** *воен.* сигнал алып аны кайталоо; **приня́ть уча́стие** катышуу (*в чём-л.*); каралашуу, жардамдашуу (*в ком-л.*); **приня́ть к све́дению** эске алып коюу; **приня́ть на себя́** өзүнө алуу; **приня́ть на себя́ вину́** күнөөнү өз мойнуна алуу; **приня́ть на себя́ обя́занность** өзүнө милдет алуу; **приня́ть бой** согушка киришүү (салгылашуу); **приня́ть за чи́стую моне́ту** чын экен деп ишенүү, чын көрүү; **приня́ть** *что-л.* **бли́зко к се́рдцу** *бир нерсеге* көңүл буруп кайгысын тартуу; **приня́ть реше́ние** ниеттенүү, чечим кылуу, чечим кабыл алуу; **приня́ть му́ку** азап тартуу; **приня́ть смерть** киши колдуу болуп өлүү; **приня́ть ва́нну** ваннага түшүү (киринүү); **приня́ть ме́ры** чара көрүү; **так при́нято** урп-адат ушундай, жол-жобо ушундай; **приме́те увере́ния** ишенүү менен кабыл алыңыз (*каттын аягына жазылуучу сөз*).

**ПРИНЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *за что и с неопр.* (*приступить к какому-л. делу*) киришүү, баштоо; **приня́ться за рабо́ту** ишке киришүү; **приня́ться чита́ть** китеп окуй баштоо; 2. *с.-х.* (*привиться*) өнүү, өсүп чыгуу, тамыр жаюу (*жаңы отургузган жыгач же эмдөө жөнүндө*); **гру́ша хорошо́ приняла́сь** алмурут жакшы өсүп чыкты; **о́спа приняла́сь** чечектин эми чыкты.

**ПРИОБОДРИ'ТЬ** *сов. кого-что* дем берүү, кайраттандыруу.

**ПРИОБОДРИ'ТЬСЯ** *сов.* кайраттануу, кайраттанып калуу.

**ПРИОБОДРЯ'ТЬ** *несов. см.* **приободри́ть.**

**ПРИОБОДРЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **приободри́ться.**

**ПРИОБРЕСТИ'** *сов. кого-что* алуу, ээлөө, ээ болуу; **приобрести́ о́пыт** тажрыйба алуу; **приобрести́ костю́м** костюм алуу; **приобрести́ значе́ние** мааниге ээ болуу.

**ПРИОБРЕТА'ТЕЛЬ** *м.* алуучу.

**ПРИОБРЕТА'ТЬ** *несов. см.* **приобрести́.**

**ПРИОБРЕТЕ'НИЕ** *ср.* 1. алуу, ээ болуу; **приобрете́ние зна́ний** билим алуу; 2. (*достижение*) жетишкендик, табылга; **це́нное приобрете́ние культу́ры** маданияттын баалуу жетишкендиги; 3. *разг.* (*покупка*) сатып алган нерсе.

**ПРИОБЩА'ТЬ** *несов. см.* **приобщи́ть.**

**ПРИОБЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **приобщи́ться;** 2. *страд. к* **приобща́ть.**

**ПРИОБЩЕ'НИЕ** *ср.* катыштыруу, тартуу, тартылуу, катышуу, үйрөтүү, үйрөнүү.

**ПРИОБЩИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* катыштыруу, тартуу, жеткирүү; **приобщи́ть к культу́ре** маданиятка жеткирүү; 2. *что, офиц.* (*приложить*) көктөө, кошуп коюу, бириктирүү; **приобщи́ть к де́лу необходи́мые докуме́нты** керектүү документтерди делого кошуп коюу.

**ПРИОБЩИ'ТЬСЯ** *сов. к чему* катышуу, тартылуу, жетүү; **приобщи́ться к культу́ре** маданиятка жетүү.

**ПРИОДЕ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* кийинтүү, жакшы кийинтүү, кийиндирүү, кийинтип коюу.

**ПРИОДЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* кийинүү, түзүк кийинүү.

**ПРИОЗЁРНЫЙ**, -ая, -ое көлдүн жээгиндеги, көлдүн боюндагы; **приозёрный край** көлдүн жээгиндеги өлкө.

**ПРИОРИТЕ'Т** *м.* приоритет, биринчилик (*убагында бир нерсени ойлоп чыгаруудагы же илимий текшерүүдөгү ж. б.*).

**ПРИОСА'НИВАТЬСЯ** *несов. см.* **приоса́ниться.**

**ПРИОСА'НИТЬСЯ** *сов. разг.* келбетин түзөө, боюн түзөө, бакыйып калуу.

**ПРИОСТАНА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **приостанови́ть.**

**ПРИОСТАНА'ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **приостанови́ться;** 2. *страд. к* **приостана́вливать.**

**ПРИОСТАНОВИ'ТЬ** *сов. кого-что* бир аз токтотуу, бир аз токтотуп коё туруу; **приостанови́ть рабо́ту** жумуш-

www.bizdin.kg

ту бир аз токтотуп коюу; **приостанови́ть кровотече́ние** кандын агышын бир аз токтотуу.

**ПРИОСТАНОВИ'ТЬСЯ** *сов.* бир аз токтотулуу, бир аз токтоп калуу; **рабо́та приостанови́лась** жумуш бир аз токтолуп калды; **кровотече́ние приостанови́лось** кандын агуусу (агышы) бир аз токтоду.

**ПРИОСТАНО'ВКА** *ж.* токтоо, токтоп туруу; токтотулуу.

**ПРИОТВОРИ'ТЬ** *сов. что* бир аз ачуу, кичине гана ачуу, ачыңкыроо (*мис. эшикти*).

**ПРИОТВОРИ'ТЬСЯ** *сов.* бир аз ачылуу, кичине ачылуу; **дверь приотвори́лась** эшик бир аз ачылды.

**ПРИОТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **приотвори́ть**.

**ПРИОТВОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приотвори́ться**; **2.** *страд. к* **приотворя́ть**.

**ПРИОТКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **приоткры́ть**.

**ПРИОТКРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приоткры́ться**; **2.** *страд. к* **приоткрыва́ть**.

**ПРИОТКРЫ'ТЬ** *сов. что* бир аз ачып коюу, кичине ачып коюу, ачыңкырап коюу; **приоткры́ть дверь** эшикти кичине ачып коюу; **приоткры́ть глаза́** көздү бир аз ачуу, көзүн жүлжүйтүп ачуу.

**ПРИОТКРЫ'ТЬСЯ** *сов.* бир аз ачылуу, ачылыңкыроо; **окно́ приоткры́лось** терезе бир аз ачылды.

**ПРИОХО'ТИТЬ** *сов. кого к чему, разг.* кызыктыруу, кынык алдыруу.

**ПРИОХО'ТИТЬСЯ** *сов. разг.* кызыгуу, кыныгуу.

**ПРИПАДА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **припа́сть**; **2.** *разг.* (*хромать*) сылтуу, сылтып басуу; **он припада́ет на ле́вую но́гу** ал сол бутунан сылтып басат.

**ПРИПА'ДОК** *м.* талма; **серде́чный припа́док** жүрөк талмасы (*жүрөк оорунун кармашы*); ◇ **в припа́дке гне́ва** туткагы кармап; **в припа́дке великоду́шия** ак көңүлү кармап.

**ПРИПА'ДОЧНЫЙ**, -ая, -ое **1.** талмалуу, талмасы кармаган; **2.** *в знач сущ. м., ж. разг.* талма оорулуу киши.

**ПРИПА'ИВАТЬ** *несов. см.* **припая́ть**.

**ПРИПА'ЙКА** *ж.* каң, данакер, каңдалган жер, данакерденген жер.

**ПРИПАЛИ'ТЬ** *сов. что, разг.* кааруу, бир аз куйкалоо, бир аз күйгүзүү.

**ПРИПА'РКА** *ж.* ысыткыч (*ооруган жерге басуучу дарылыгы бар ысык нерсе*).

**ПРИПАСА'ТЬ** *несов. см.* **припасти́**.

**ПРИПАСТИ'** *сов. что, чего, разг.* камдап алуу, даярдап алуу; **припасти́ дров на́ зиму** кышка отун камдап алуу.

**ПРИПА'СТЬ** *сов. к кому-чему, разг.* ыкталуу, жабыша калуу; ◇ **припа́сть к нога́м** *уст. бирөөнүн* астына жыгылуу.

**ПРИПА'СЫ** *мн.* **1.** (*провизия*) камдалган (даярдалган) нерсе, камдалган тамак-аш, күл азык; **съестны́е припа́сы** камдалган тамак-аш; **2.** (*принадлежности*) жабдыктар, шаймандар; **охо́тничьи припа́сы** аңчылык жабдыктары (ок-дары); ◇ **боевы́е припа́сы** *воен.* ок-дары.

**ПРИПА'ХИВАТЬ** *несов. разг.* **1.** *чем* жыттануу, бир аз жыттануу; **те́сто че́м-то припа́хивает** камыр бир нерсе жыттанат; **2.** (*об испорченных продуктах*) сасый баштоо, борсуй баштоо, жыттана баштоо; **мя́со на́чало припа́хивать** эт жыттана баштады.

**ПРИПАЯ'ТЬ** *сов. что* данакердөө, каңдоо.

**ПРИПАЯ'ТЬСЯ** *сов.* данакерденүү, каңдалуу.

**ПРИПЕ'В** *м.* кайырма, кайталама (*ырда*).

**ПРИПЕВА'ТЬ** *несов. разг.* ырдоо.

**ПРИПЕВА'ЮЧИ** *нареч.*: **жить припева́ючи** *разг.* тели-тегиз, төрт жагы кыбыла болуп жашоо.

**ПРИПЁК** *м.* **1.** (*при печении хлеба*) припёк (*бышырылган нандын ун кезиндеги салмагынан ашып түшкөн кошумча салмагы*); **дать большо́й припёк** көп припёк берүү; **2.** *разг.* күнөс жер, күн ысык тийген жер; **сиде́ть на припёке** күнөс жерде отуруу.

**ПРИПЕКА'ТЬ** *несов. разг.* (*о солнце*) ысытуу, ысуу, күйдүрүү; **сего́дня припека́ет** *безл.* бүгүн күн ысып турат.

**ПРИПЕРЕ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* тирөө, тиреп коюу; **припере́ть дверь доско́й** эшикти тактай менен тиреп коюу; **2.** *кого-что* (*притиснуть*) такоо, такап таштоо, сүрүү, жапшыруу, итерүү; **толпа́ припёрла нас к две́ри** котологон эл бизди сүрүп эшикке алып барды; ◇ **припере́ть** *кого-л.* **к стене́** *бирөөнү* кысмакка алып унчуктурбай салуу, ыктатып салуу.

**ПРИПЕ'РЧИВАТЬ** *несов. см.* **припе́рчить**.

**ПРИПЕ'РЧИТЬ** *сов. что, разг.* бир аз калемпир *же* мурч салуу.

**ПРИПЕЧА'ТАТЬ** *сов. что, разг.* **1.** (*дополнительно напечатать*) басып кошуу, кошумча басуу; **2.** *разг.* (*запечатать, поставить печать*) печаттоо (*печать басып сүргүчтөп бекитүү*).

**ПРИПЕЧА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **припеча́тать**.

**ПРИПЕ'ЧЬ** *сов. что, разг.* өткөрө бышыруу.

**ПРИПИРА'ТЬ** *несов. см.* **припере́ть**.

**ПРИПИСА'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*написать дополнительно*) кошумча жазуу, жаза түшүү; **приписа́ть ещё не́сколько строк в письме́** катка дагы бир нече сап жаза түшүү; **2.** *кого к чему* (*причислить*) каттап коюу, жазып коюу; **приписа́ть к призывно́му уча́стку** чакыруу участогуна каттап коюу; **3.** *что кому-чему* (*отнести за счёт кого-чего-л.*) деп эсептөө, себепкер деп эсептөө; **я приписа́л э́то его́ рассе́янности** мен муну анын унутчаактыгынан деп эсептедим; **4.** *что кому-чему* (*мысли, слова и т. п.*) оодаруу (*бир нерсени бирөөгө*).

**ПРИПИСА'ТЬСЯ** *сов.* катталуу, жазылуу (*мис. чакыруу участогуна*).

**ПРИПИ'СКА** *ж.* кошумча жазуу, үстөп жазуу, жаза түшүү, кошуп жазуу.

**ПРИПИСНО'Й**, -а́я, -о́е **приписка**-*га т.*

**ПРИПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **приписа́ть**.

**ПРИПИ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приписа́ться**; **2.** *страд. к* **припи́сывать**.

**ПРИПЛА'ТА** *ж.* **1.** (*действие*) үстөп төлөө, үстүнө төлөө, кошумча төлөө; **2.** (*деньги*) үстүнө төлөнгөн акча.

**ПРИПЛАТИ'ТЬ** *сов. что* үстөп төлөө.

**ПРИПЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **приплати́ть**.

**ПРИПЛЕСТИ'** *сов.* **1.** *что* (*вплести*) улап эшүү, өрүү; **2.** *кого-что, перен. разг.* сөзгө бирөөнү кошуу, ишке бирөөнү жөнү жок кыстаруу.

**ПРИПЛЕСТИ'СЬ** *сов. разг.* сенделип, сүйрөлүп, илээлеп басып араң келүү (жетүү).

**ПРИПЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **приплести́**.

**ПРИПЛО'Д** *м.* төл (*малдын төлү*).

**ПРИПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **приплы́ть**.

**ПРИПЛЫ'ТЬ** *сов.* сүзүп келүү, сүзүп баруу; **приплы́ть на ло́дке** кайык менен сүзүп келүү.

**ПРИПЛЮ'СНУТЫЙ**, -ая, -ое жалпагай, жалпак, талпагай; **приплю́снутый нос** жалпак мурун.

**ПРИПЛЮ'СНУТЬ** *сов. что* жалпайтуу, былчыйтуу.

**ПРИПЛЮСОВА'ТЬ** *сов. что, разг.* кошуу, кошуп коюу.

**ПРИПЛЮСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **приплюсова́ть**.

**ПРИПЛЮ'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **приплю́снуть**.

**ПРИПЛЯ'СЫВАТЬ** *несов.* бийлеген сыяктуу бутун тыбыратуу, бийди коштоо, бийлемиш болуу.

**ПРИПОДНИМА'ТЬ** *несов. см.* **приподня́ть**.

**ПРИПОДНИМА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приподня́ться**; **2.** *страд.* к **приподнима́ть**.

**ПРИПО'ДНЯТОСТЬ** *ж.* көтөрүңкүлүк, эргигендик (*көңүл*).

**ПРИПО'ДНЯТЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **приподня́ть**; **2.** *прил.* бир аз көтөрүлгөн, өөдө кылынган; **припо́днятый за́навес** бир аз көтөрүлгөн көшөгө, **3.** *прил. перен.* көтөрүңкү; **припо́днятое настрое́ние** көтөрүңкү көңүл;

www.bizdin.kg

4. *прил. перен.* (*торжественный*) салтанаттуу; **приподнятый стиль** салтанаттуу стиль.

**ПРИПОДНЯ'ТЬ** *сов. кого-что* бир аз көтөрүү, өөдө кылуу, көтөрүңкүрөө; **приподня́ть што́ры** пардаларды бир аз көтөрүү; **больно́й приподня́л го́лову** оору киши башын бир аз көтөрдү.

**ПРИПОДНЯ'ТЬСЯ** *сов.* бир аз көтөрүлүү; **приподня́ться на ло́кте** чыканактап бир аз көтөрүлүү.

**ПРИПОДЫМА'ТЬ** *несов. разг. см.* **приподня́ть.**

**ПРИПОДЫМА'ТЬСЯ** *несов. разг. см.* **приподня́ться.**

**ПРИПО'Й** *м. тех.* кандооч, данакер болуучу металл.

**ПРИПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **приползти́.**

**ПРИПОЛЗТИ'** *сов.* эмгектеп келүү (жетүү), жөрмөлөп келүү, сойлоп боору менен жылып жетүү.

**ПРИПОЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое полюска жакын, полюстун айланасындагы; **приполя́рные о́бласти** полюска жакын областтар.

**ПРИПОМИНА'ТЬ** *несов. см.* **припо́мнить.**

**ПРИПОМИНА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **припо́мниться;** 2. *страд. к* **припомина́ть.**

**ПРИПО'МНИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* эстөө, эске түшүрүү; **не могу́ припо́мнить его́ лицо́** анын өңүн эсиме түшүрө албай койдум; 2. *что кому, перен.* бирди көрсөтүү, акесин таанытуу, өз табагын өзүнө тартуу, өч алуу; **я тебе́ э́то припо́мню!** тура тур, мен сага бирди көрсөтөмүн!, акеңди таанытармын!

**ПРИПО'МНИТЬСЯ** *сов.* эске түшүү, эске алынуу; **мне припо́мнился пе́рвый день заня́тий** биринчи күнкү занятие менин эсиме түштү.

**ПРИПОРОШИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* себээлеп, шыбыргактап жааш (*мис. кар*).

**ПРИПРА'ВА** *ж. кул.* татымал, чык, туздук (*тамакка кошулуучу нерселер, мис. калемпир, мурч, пияз ж. б.*).

**ПРИПРА'ВИТЬ** *сов. что, кул.* татымалдоо, чык (туздук) кошуу.

**ПРИПРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **припра́вить.**

**ПРИПРЫ'ГИВАТЬ** *несов.* секиргилөө, улам секирип коюу.

**ПРИПРЯГА'ТЬ** *несов. см.* **припря́чь.**

**ПРИПРЯ'ЖКА** *ж.* 1. (*действие*) жандооч ат чегүү; 2. (*лошадь*) жандооч ат, жанына чегилген ат.

**ПРИПРЯ'ТАТЬ** *сов. кого-что, разг.* катып коюу, жашыруу.

**ПРИПРЯ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **припря́тать.**

**ПРИПРЯ'ЧЬ** *сов. кого-что* кошумча ат чегүү, жандооч ат чегүү, жандама ат чегүү (*мис. арабага*).

**ПРИПУ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **припугну́ть.**

**ПРИПУГНУ'ТЬ** *сов. кого чем, разг.* коркутуу, чочутуу, опузалоо, үркүтүү.

**ПРИПУ'ДРИВАТЬ** *несов. см.* **припу́дрить.**

**ПРИПУ'ДРИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **припу́дриться;** 2. *страд. к* **припу́дривать.**

**ПРИПУ'ДРИТЬ** *сов. что* упа сыйпоо, пудра сыйпоо.

**ПРИПУ'ДРИТЬСЯ** *сов.* упа сыйпануу, пудра сыйпануу.

**ПРИПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **припусти́ть.**

**ПРИПУСТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*к сосанию*) эмизүү, агытуу (*мис. музоону энесине*); 2. *кого* (*к случке*) куудуруу (*барана, быка*); каратуу (*жеребца*); чөгөрүү (*верблюда*); 3. *кого, разг.* (*погнать*) коё берүү, чабуу, зымыроо; **припусти́ть коня́** аттын оозун коё берүү; 4. *что* (*сделать шире, длиннее*) коё берүү, түшүрүү, узартуу, кеңитүү (*мис. этекти*).

**ПРИПУ'ТАТЬ** *сов. разг.* 1. *кого-что* (*привязать*) чалып байлоо; 2. *кого-что, перен.* катыштыруу, кийлигиштирүү, кыпчылтуу (*тиешесиз ишке*).

**ПРИПУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **припу́тать.**

**ПРИПУХА'ТЬ** *несов. см.* **припу́хнуть.**

**ПРИПУ'ХЛОСТЬ** *ж.* шишиктик, шишимиктик, шишиңкилик.

**ПРИПУ'ХЛЫЙ,** -ая, -ое шишиген, шишимектүү, шишиңки тарткан.

**ПРИПУ'ХНУТЬ** *сов.* шишүү, шишимек тартуу, бир аз шишүү.

**ПРИРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **прирабо́тать.**

**ПРИРАБО'ТАТЬ** *сов. что* кошумча иштеп табуу.

**ПРИ'РАБОТОК** *м.* кошумча табылга (*негизги иш акыга кошумча*).

**ПРИРА'ВНИВАТЬ** I *несов. см.* **приравня́ть.**

**ПРИРА'ВНИВАТЬ** II *несов. см.* **прировня́ть.**

**ПРИРАВНЯ'ТЬ** *сов. кого-что к кому-чему* теңөө, теңештирүү, бирдей кылуу.

**ПРИРАВНЯ'ТЬСЯ** *сов. к кому-чему, разг.* теңелүү, тең болуу, бирдей болуу.

**ПРИРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **прирасти́.**

**ПРИРАСТИ'** *сов.* 1. *к чему* (*срастись*) кошо өсүү, биригип өсүү, кошулуп өсүү, бирге өсүү (*мис. уланган жыгач*); 2. *перен.* (*увеличиться в количестве*) кошулуу, өсүү, көбөйүү.

**ПРИРАСТИ'ТЬ** *сов. что* кошо өстүрүү, бирге өстүрүү (*мис. уланган жыгачты*).

**ПРИРАЩЕ'НИЕ** *ср.* өсүү, өсүм, көбөйүү.

**ПРИРА'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **прирасти́ть.**

**ПРИРЕВНОВА'ТЬ** *сов. кого к кому* күнүлөө, кызгануу, ичи тардык кылуу.

**ПРИРЕ'ЗАТЬ** *сов.* 1. *кого, разг.* (*умертвить*) союу, муздоо; **прире́зать хрому́ю овцу́** аксак койду союу; 2. *что* (*прибавить*) кесип берүү, кесип кошуу; **прире́зать к огоро́ду уча́сток земли́** огородго участок жер кесип кошуу.

**ПРИРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **прире́зать.**

**ПРИРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **прире́зать.**

**ПРИРЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое өзөндүн (дарыянын) жанындагы, өзөндүн жээгиндеги.

**ПРИРОВНЯ'ТЬ** *сов. что* текшилөө, тегиздөө, түздөө, түзөтүү.

**ПРИРО'ДА** *ж.* 1. жаратылыш, табият; **явле́ния приро́ды** табияттын кубулуштары; **ю́жная приро́да** түштүк табият; **мёртвая приро́да** жансыз жаратылыш (*органикалык эмес дүйнө*); 2. (*сущность, характер*) бирөөнүн жаралышы, туулганынан бери, тубаса; **он по приро́де до́брый челове́к** ал жаратылышынан эле ак көңүл адам; ◇ **в приро́де веще́й** боло берүүчү иш, табигый иш; **от приро́ды** жаратылышынан.

**ПРИРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. **природа**1-ге *т.*; табигый; **приро́дные бога́тства** жаратылыш байлыктары; 2. (*врождённый*) тубаса; **приро́дный тала́нт** тубаса талант; **приро́дный ум** тубаса акыл.

**ПРИРОДОВЕ'ДЕНИЕ** *ср. уст. см.* **естествове́дение.**

**ПРИРОЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое тубаса; **прирождённый музыка́нт** тубаса музыкант.

**ПРИРО'СТ** *м.* кошулуу, өсүш, өсүү, көбөйүү, чоңоюу; **приро́ст населе́ния** элдин өсүшү; **приро́ст капита́ла** капиталдын өсүшү.

**ПРИРУБЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое чек арага жакын жер.

**ПРИРУЧА'ТЬ** *несов. см.* **приручи́ть.**

**ПРИРУЧЕ'НИЕ** *ср.* колго көндүрүү, үйрөтүү, бакма кылуу.

**ПРИРУЧЁННОСТЬ** *ж.* колго көнгөндүк, үйрөнгөндүк, бакмалык.

**ПРИРУЧИ'ТЬ** *сов. кого* колго көндүрүү, үйрөтүү, бакма кылып алуу.

**ПРИСА'ЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **присе́сть** 2.

**ПРИСА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **присоли́ть.**

**ПРИСА'СЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **присоса́ться.**

**ПРИСВА'ИВАТЬ** *несов. см.* **присво́ить.**

**ПРИ'СВИСТ** *м.* ышкырык, ышкыруу; **петь с при́свистом** ышкырык кошуп ырдоо; **говори́ть с при́свистом** ышкырык чыгарып сүйлөө.

**ПРИСВИ'СТНУТЬ** *однокр. см.* **присви́стывать.**

www.bizdin.kg

**ПРИСВИ'СТЫВАТЬ** *несов.* 1. (*отрывисто свистеть*) ышкыруу; 2. (*говорить с присвистом*) сүйлөгөндө ышкырык чыгуу, ышкырык чыгарып сүйлөө.

**ПРИСВОЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*захват*) бирөөнүкүн өзүмдүк кылуу, өздөштүрүп алуу, ээлеп алуу; **присвоéние чужóго имýщества** бирөөнүн мүлкүн ээлеп алуу; 2. *офиц.* берүү; **присвоéние звáния Герóя Социалистúческого Трудá** Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берүү.

**ПРИСВО'ИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*завладеть чужим*) бирөөнүкүн өзүмдүк кылуу, өздөштүрүп алуу, ээлеп алуу; 2. *что кому-чему, офиц.* берүү; **присвóить звáние Герóя Совéтского Сою́за** Советтер Союзунун Баатыры деген наам берүү.

**ПРИСЕДА'НИЕ** *ср.* 1. буттун башы менен отуруп туруу (*гимнастикада*); 2. *уст. см.* **реверáнс.**

**ПРИСЕДА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **присéсть** 1; 2. (*при ходьбе*) тизени бүгүп желип басуу.

**ПРИСЕ'СТ** *м.*: **в оди́н (за оди́н) присéст** *разг.* бир отурганда, бир отуруу менен (*мис. китепти окуп бүтүрүү*).

**ПРИСЕ'СТЬ** *сов.* 1. (*опуститься*) *бирөөгө* жанаша отуруу, *бирөөнүн* жанына отуруу, отуруп калуу, отура калуу; көчүктү, тизени жерге тийгизбей отуруу; **присéсть от испу́га** коркконунан отуруп калуу; **присéсть на кóрточки** чөгөлөп отуруу, чөк түшүү; 2. (*сесть*) кичине отуруу, бир аз отуруу.

**ПРИ'СКАЗКА** *ж. лит.* кыскача күлкүлүү аңгеме, жомок башы, куюлуштуруп башталган жомок башы.

**ПРИСКАКА'ТЬ** *сов.* 1. (*на лошади*) чаап келүү; 2. чуркап келүү; ылдам, тез келүү; секирип келүү; **прискакáть на однóй ногé** бир буту менен секирип келүү.

**ПРИСКА'КИВАТЬ** *несов. разг.* (*припрыгивать*) секирип-секирип жүрүү (*балдар*).

**ПРИСКО'РБИЕ** *ср.* кайгы, кайгыруу; **с прискóрбием** кайгырып.

**ПРИСКО'РБНЫЙ**, -ая, -ое кайгылуу, кайгырган; **прискóрбный слу́чай** кайгылуу окуя.

**ПРИСКУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **приску́чить.**

**ПРИСКУ'ЧИТЬ** *сов.* жадатуу, тажатуу.

**ПРИСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* жиберүү; **мне прислáли кни́ги** мага китеп жиберишиптир.

**ПРИСЛО'ВЬЕ** *ср. разг.* тамсилдүү сөз (*сөздү кооз чыгаруу үчүн куудул сөздөрдү же макалдарды кошуп сүйлөө*).

**ПРИСЛОНИ'ТЬ** *сов. что к чему* жөлөө, таёо.

**ПРИСЛОНИ'ТЬСЯ** *сов. к чему* жөлөнүү, таянуу.

**ПРИСЛОНЯ'ТЬ** *несов. см.* **прислони́ть.**

**ПРИСЛОНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прислони́ться;** 2. *страд. к* **прислоня́ть.**

**ПРИСЛУ'ГА** *ж.* 1. *уст.* (*служанка*) кызматчы аял, бирөөнүн үйүндө иштөөчү аял; 2. *собир. уст.* (*дворня*) үй кызматчылары (*помещиктердин үйүндө иштөөчү крепостнойлор*); 3. *собир. воен.* тейлөөчү (*мис. артиллерияны, пулемётту тейлөөчү, кароочу команда*).

**ПРИСЛУ'ЖИВАТЬ** *несов. кому, уст.* кызмат кылуу, кызматын аткаруу; **прислу́живать за столóм** тамак-аш ичип жатканда тейлеп туруу.

**ПРИСЛУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* кызмат кылуу, көшөкөрлөнүү, жасакерденүү.

**ПРИСЛУ'ЖНИК** *м.* 1. *уст.* (*слуга*) кызматчы адам; 2. *презр.* жасакер жалчы, жасакер малай.

**ПРИСЛУ'ЖНИЦА** *женск. р. к* **прислу́жник.**

**ПРИСЛУ'ЖНИЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **прислужник** 2-*ге*, **прислужничество**-*го т.*

**ПРИСЛУ'ЖНИЧЕСТВО** *ср. презр.* жасакерденүүчүлүк, көшөкөрлөнүүчүлүк.

**ПРИСЛУ'ШАТЬСЯ** *сов.* 1. кулак салуу, кулак түрүү, тыңшоо; **прислу́шаться к шóроху** шыбышка кулак салуу, тыңшоо; 2. *перен.* угуу, эсептешүү, көңүл коюу; **прислу́шаться к мнéнию товáрищей** жолдоштордун пикирине көңүл коюу.

**ПРИСЛУ'ШИВАТЬСЯ** *несов. см.* **прислу́шаться.**

**ПРИСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **присмотрéть.**

**ПРИСМА'ТРИВАТЬСЯ** *несов. см.* **присмотрéться.**

**ПРИСМИРЕ'ТЬ** *сов.* жоошуу, тынчуу, басылуу, басаңдоо, жоошуп калуу.

**ПРИСМО'ТР** *м.* кароо, байкоо, багуу, көзөмөлдөө, көздөө; **находи́ться под** *чьим-л.* **присмóтром** *бирөөнүн* кароосунда болуу (*бала*); **остáвить без присмóтра** кароосуз калтыруу.

**ПРИСМОТРЕ'ТЬ** *сов.* 1. *за кем-чем* көз салуу, кароо; **присмотрéть за детьми́** балдарды кароо; 2. *кого-что, разг.* (*подыскать, наметить*) караштыруу, байкаштыруу, издөө.

**ПРИСМОТРЕ'ТЬСЯ** *сов. к кому-чему* 1. (*внимательно вглядеться*) тиктеп кароо, кадалып кароо, тигиле кароо; 2. (*освоиться, привыкнуть*) көз кыныгуу, көз үйрөнүү; **присмотрéться к рабóте** ишке үйрөнүү; **присмотрéться к темнотé** караңгыга көз үйүр алуу.

**ПРИСНИ'ТЬСЯ** *сов. безл. кому* түш көрүү, түшкө кирүү.

**ПРИСОВОКУПИ'ТЬ** *сов. что* 1. *уст.* (*присоединить*) кошуу, кошуп бириктирүү; 2. (*сказать в добавление*) кошумчалоо, кошуу.

**ПРИСОВОКУПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **присовокупи́ть.**

**ПРИСОЕДИНЕ'НИЕ** *ср.* 1. кошуу, бириктирүү, улоо, улаштыруу, кошулуу; 2. *эл.* бириктирүү, кошуу (*сымды*).

**ПРИСОЕДИНИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* кошуу, бириктирүү, улоо; 2. *эл.* бириктирүү, кошуу.

**ПРИСОЕДИНИ'ТЬСЯ** *сов. к кому-чему* кошулуу, биригүү; **присоедини́ться к гуля́ющим** тамаша кылып жүргөндөргө кошулуу; **присоедини́ться** *к чьему-л.* **мнéнию** *бирөөнүн* пикирине кошулуу.

**ПРИСОЕДИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **присоедини́ть.**

**ПРИСОЕДИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **присоедини́ться;** 2. *страд. к* **присоединя́ть.**

**ПРИСОЛИ'ТЬ** *сов. что, разг.* бир аз туздоо, туз салуу, туз себүү.

**ПРИСОСА'ТЬСЯ** *сов. к кому-чему* соруп жабышуу (*мис. сулук*).

**ПРИСОСЕ'ДИТЬСЯ** *сов. к кому-чему, разг.* коңшулаш болуу, коңшулашуу, жанаша отуруу, кошулуу.

**ПРИСО'СКА** *ж. биол.* соргуч (*өсүмдүк же жаныбар башка бир өсүмдүккө же жаныбарга жабышып соруучу мүчө; мындай органдар паразиттерге азыктуу заттарды соруп алуу кызматын аткарат*).

**ПРИСО'СОК** *м. см.* **присóска.**

**ПРИСО'ХНУТЬ** *сов.* жабышып кургап калуу; бир нерсеге жабышып катуу, кургоо; жабышып катып калуу.

**ПРИСПЕ'ТЬ** *сов. разг.* (*о времени*) мезгил жетүү, убакыт жетүү (келүү); **приспéло врéмя éхать** кетүүгө убакыт жетти.

**ПРИСПЕ'ШНИК** *м. презр.* кошоматчы жан жөкөр; **приспéшники буржуази́и** буржуазиянын кошоматчы жан жөкөрлөрү.

**ПРИСПЕ'ШНИЦА** *женск. р. к* **приспéшник.**

**ПРИСПИ'ЧИТЬ** *сов. безл. кому с неопр., прост.* өтө зарыл болуу, кысталуу, токтоно албоо; **ему́ приспи́чило сейчáс же éхать** ал азыр эле кеткиси келип, токтоно албай кетти.

**ПРИСПОСА'БЛИВАТЬ** *несов. см.* **приспосóбить.**

**ПРИСПОСА'БЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **приспосóбиться;** 2. *страд. к* **приспосáбливать.**

**ПРИСПОСО'БИТЬ** *сов. кого-что* ылайыктоо, ылайыкташтыруу.

**ПРИСПОСО'БИТЬСЯ** *сов. к кому-чему* ылайыкталуу, көнүү, үйрөнүү; **растéния приспосóбились к нóвому кли́мату** өсүмдүктөр жаңы климатка үйрөндү.

**ПРИСПОСОБЛЕ'НЕЦ** *м. презр.* эки жүздүү, өң карама күн тийген жердин чоросу.

www.bizdin.kg

**ПРИСПОСОБЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. ылайыкталуу, көнүү, үйрөнүү; **приспособле́ние органи́зма к кли́мату** организмдин климатка үйрөнүшү; 2. (*устройство*) курал (*бир жумуш, иш иштелүүгө жарактуу аппарат, аспап*).

**ПРИСПОСО'БЛЕННОСТЬ** *ж.* ылайыкталгандык, көнгөндүк, үйрөнгөндүк; **приспосо́бленность к жи́зни** турмушка ылайыкталгандык.

**ПРИСПОСОБЛЕ'НЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **приспособленчество**-*го т.*; эки жүздүү, өң карама, келишип кетме, ыгына көнүп берме, ыгына кирме.

**ПРИСПОСОБЛЕ'НЧЕСТВО** *ср. неодобр.* эки жүздүүлүк, өң карамалык, келишип кетмелик; ыкташуучулук, ыгына көнүүчүлүк.

**ПРИСПОСОБЛЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* ылайыкталгычтык, көнгүчтүк; **приспособля́емость органи́зма к среде́** организмдин чөйрөгө ылайыкталгычтыгы.

**ПРИСПОСОБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **приспосо́бить.**

**ПРИСПОСОБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **приспосо́биться;** 2. *страд. к* **приспособля́ть.**

**ПРИСПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **приспусти́ть.**

**ПРИСПУСТИ'ТЬ** *сов. что* бир аз төмөндөтүү, бир аз түшүрүү; **приспусти́ть фла́ги** желектерди бир аз төмөндөтүү.

**ПРИСПУСТИ'ТЬСЯ** *сов.* бир аз төмөндөө, бир аз ылдый түшүү.

**ПРИ'СТАВ** *м. уст.* пристав (*падышалык Россияда — анча чоң эмес райондо полиция начальниги*); **суде́бный при́став** сот аткаруучусу.

**ПРИСТАВА'ТЬ** *несов. см.* **приста́ть.**

**ПРИСТА'ВИТЬ** *сов.* 1. *что* (*вплотную к чему-л.*) такап коюу, сүйөп коюу, тиреп коюу; 2. *что* (*надставить*) улоо, жалгоо; 3. *кого* (*для надзора*) каратуу, дайындоо, көздөтүү (*мис. нянькады балага*).

**ПРИСТА'ВКА** *ж. грам.* приставка (*сөздүн алдына жалгануучу аффикс; мис.* при-ходи́ть, за-ходи́ть, пере-ходи́ть).

**ПРИСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **приста́вить.**

**ПРИСТАВНО'Й**, -а́я, -о́е: **приставны́е сту́лья в парте́ре** партерге кошумча коюлган стулдар.

**ПРИСТА'ВОЧНЫЙ**, -ая, -ое **приставка**-*га т.*; приставкалуу.

**ПРИ'СТАЛЬНЫЙ**, -ая, -ое үңүлө, кадала, тикие, абдан; **при́стальный взгляд** үңүлө караш; **при́стальное внима́ние** абдан көңүл буруу.

**ПРИСТА'НИЩЕ** *ср.* жай, баш калкалай турган жай.

**ПРИСТАНЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое станциянын жанындагы, станциянын айланасындагы.

**ПРИ'СТАНЬ** *ж.* пристань (*кеме токтоочу жээктеги жай*); **пассажи́рская при́стань** пассажирлер түшүүчү пристань; ◇ **ти́хая при́стань** бейпил жай.

**ПРИСТА'ТЬ** *сов.* 1. *к кому-чему* (*прилипнуть*) жабышуу, илээшүү; **к оде́жде приста́ла грязь** кийимге баткак жабышты; 2. *к кому-чему* (*обратиться назойливо*) асылуу, жабышуу, жан-алы калбай асылуу; **приста́ть с вопро́сами** суроолор берип асылуу; 3. *к кому-чему, разг.* (*присоединиться*) кошулуу, биригүү, ээрчүү, артынан калбоо; 4. *к чему* (*о судах*) токтоо (*кеме жээкке токтоо*); ◇ **не приста́ло вам так говори́ть** мындай деп айтуу сизге ылайыксыз.

**ПРИСТЁГИВАТЬ** *несов. см.* **пристегну́ть.**

**ПРИСТЕГНУ'ТЬ** *сов. что* илип коюу, өткөрүп бекитүү; **он пристегну́л кобуру́ к по́ясу** ал кобураны илгичке (курга) илип койду.

**ПРИСТЕЖНО'Й**, -а́я, -о́е *разг.* топчулама, бекитме, өткөрүп бекитме; **пристежно́й воротничо́к** топчулап бекитме жака.

**ПРИСТО'ЙНЫЙ**, -ая, -ое адептүү, тартиптүү; **присто́йное поведе́ние** адептүү жүрүш-туруш.

**ПРИСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **пристро́ить.**

**ПРИСТРА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пристро́иться;** 2. *страд. к* **пристра́ивать.**

**ПРИСТРА'СТИЕ** *ср.* 1. (*влечение*) шык, шыктуулук, ышкы, ышкылуулук; **пристра́стие к чте́нию** китеп окууга шыктуулук; 2. (*несправедливое отношение*) калыс эмес, адилет эмес; **относи́ться с пристра́стием** калыстык кылбоо.

**ПРИСТРАСТИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* делебе козгоо, кызыктыруу.

**ПРИСТРАСТИ'ТЬСЯ** *сов. к чему* кызыгуу, шыктануу.

**ПРИСТРА'СТНО** *нареч.* адилеттик кылбай, калыстыгы жок, калыстык кылбай; **пристра́стно относи́ться** *к кому-л.* бирөөгө адилет мамиле кылбоо (*адилетсиз мамиле кылуу*).

**ПРИСТРА'СТНОСТЬ** *ж. см.* **пристра́стие** 2.

**ПРИСТРА'СТНЫЙ**, -ая, -ое калыстыгы жок, калыс эмес; **пристра́стное мне́ние** калыстыгы жок пикир.

**ПРИСТРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **пристрочи́ть.**

**ПРИСТРЕ'ЛИВАТЬ** I *несов. см.* **пристрели́ть.**

**ПРИСТРЕ'ЛИВАТЬ** II *несов. см.* **пристреля́ть.**

**ПРИСТРЕ'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **пристреля́ться.**

**ПРИСТРЕЛИ'ТЬ** *сов. кого* атып өлтүрүү, атып салуу, атып түшүрүү.

**ПРИСТРЕ'ЛКА** *ж. воен.* атып көрүп сыноо, атып кароолун түздөө (*мылтык, замбиректи*).

**ПРИСТРЕЛЯ'ТЬ** *сов. что, воен.* атып көрүп сыноо, атып түздөө (*мылтыктын кароолун түздөө*); **пристреля́ть ору́дие** замбиректи атып көрүп түздөө.

**ПРИСТРЕЛЯ'ТЬСЯ** *сов. воен.* атып көрүп, кароолу түздөлүү.

**ПРИСТРО'ИТЬ** *сов.* 1. *что* (*дополнительно построить*) үйгө жанаша үй куруу, үйгө улай салуу; 2. *кого, разг.* (*устроить*) эптеп орноштуруу, жайлаштыруу; **пристро́ить на рабо́ту** кызматка (ишке) эптеп орноштуруу.

**ПРИСТРО'ИТЬСЯ** *сов. разг.* (*устроиться*) эптеп орундашуу, ишке орундашуу.

**ПРИСТРО'ЙКА** *ж.* 1. (*действие*) үйгө жабыштыра, бириктире үй тургузуу (салуу); 2. (*здание*) үйгө улай салынган курулуш.

**ПРИСТРОЧИ'ТЬ** *сов. что* кабуу, кабып тигүү, шыруу.

**ПРИСТРУ'НИВАТЬ** *несов. см.* **пристру́нить.**

**ПРИСТРУ'НИТЬ** *сов. кого-что, разг.* жөнгө салуу, жинин кагуу, тезге салып жоошутуу.

**ПРИСТУ'КНУТЬ** *сов.* 1. *чем* (*напр. каблуком*) тык эттирип коюу, тык эттирип уруу; 2. *кого-что, прост.* (*убить*) жайлап салуу, уруп өлтүрүү, чаап өлтүрүү.

**ПРИ'СТУП** *м.* 1. *воен.* (*атака*) катуу чабуул, жапырып кирүү; **пойти́ на при́ступ** чабуул коюу; **взять го́род при́ступом** шаарды чабуул коюп алуу; 2. (*припадок*) кармай калган кези, тута калган кези (*мис. оору, ачуу, безгек*); ◇ **при́ступу нет** 1) *к чему-л.* кол жетпейт (өтө кымбат); 2) *к кому-л.* жанына жолотпойт, даай албайсың.

**ПРИСТУПА'ТЬ** *несов. см.* **приступи́ть.**

**ПРИСТУПИ'ТЬ** *сов.* 1. *к чему* (*приняться за что-л.*) киришүү, баштоо; **приступи́ть к рабо́те** ишке киришүү; 2. *к кому-чему, уст.* (*близко подойти*) жакындап келүү; **приступи́ть к го́роду** шаарга жакын келүү (*мис. душман*); 3. *к кому с чем* (*настойчиво обратиться*) асылуу, талап кылуу; **приступи́ть с про́сьбами** асылып суроо.

**ПРИСТУПИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* жанына баруу, жакындап баруу, ченине баруу; **к нему́ не приступи́ться** анын жанына жолой албайсың, анын жанына бара албайсың.

**ПРИСТУ'ПОК** *м. разг.* баскыч, тектирче.

**ПРИСТЫДИ'ТЬ** *сов. кого* уялтуу, уяткаруу.

**ПРИСТЯ'ЖКА** *ж.* 1. (*запряжка лошади сбоку*) арабанын жанына кошкон ат; **запря́чь в пристя́жку** арабанын жанына кошуу (*атты*); 2. *см.* **пристяжно́й** 2.

**ПРИСТЯЖНО'Й**, -а́я, -о́е 1. арабанын жанына кошулган; 2. *в знач. сущ. ж.* арабанын четки аты.

www.bizdin.kg

**ПРИСУДИ'ТЬ** *сов. что кому-чему* берүү, берүү жөнүндө токтом кылуу; **присудить первую премию** биринчи сыйлыкты берүү.

**ПРИСУЖДА'ТЬ** *несов. см.* **присудить.**

**ПРИСУЖДЕ'НИЕ** *ср.* берүү, берүү жөнүндө токтом чыгаруу (кылуу); **присуждение награды** сыйлык берүүгө токтом чыгаруу.

**ПРИСУ'ТСТВЕННЫЙ, -ая, -ое** *офиц. уст.*: **присутственный день** майрам эмес күн, кызмат күнү; **присутственные часы** мекемедеги кызмат убагы; **присутственное место** мекеме.

**ПРИСУ'ТСТВИЕ** *ср.* **1.** болуу, катышуу, көзүнчө, көз алдында; **в присутствии всех** бардыгынын көзүнчө; **2.** *уст.* (*учреждение*) мекеме; ◊ **присутствие духа** кайраттуу жана оор басырыктуу болуу.

**ПРИСУ'ТСТВОВАТЬ** *несов.* катышуу, болуу; **присутствовать на собрании** жыйналышта болуу.

**ПРИСУ'ТСТВУЮЩИЙ, -ая, -ее 1.** *прич. от* **присутствовать**; **2.** *в знач. сущ. чаще мн.* катышуучу, катышып отурган; **присутствующие приняли следующее решение** катышып отургандар төмөнкүдөй чечим кабыл алышты.

**ПРИСУ'ЩИЙ, -ая, -ее** өзүнө таандык, тиешелүү; **с присущим ему юмором** ага таандык болгон куудулдугу менен.

**ПРИСЧИТА'ТЬ** *сов. кого-что* артык эсептеп алуу, ашык эсептеп жиберүү.

**ПРИСЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **присчитать.**

**ПРИСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **прислать.**

**ПРИСЫ'ЛКА** *ж.* жиберүү, жөнөтүү.

**ПРИСЫ'ПАТЬ** *сов.* **1.** *что, чего, разг.* (*прибавить*) чубуртуп кошо түшүү, чубуртуп сала түшүү, себээлеп кошуп берүү; **2.** *что* (*посыпать*) себээлөө; **присыпать пудрой** упа себээлөө.

**ПРИСЫПА'ТЬ** *несов. см.* **присыпать.**

**ПРИСЫ'ПКА** *ж.* **1.** (*действие*) чубуртуп салуу, себээлеп салуу; **присыпка муки** унду себээлеп, чубуртуп салуу; **2.** (*порошок*) сепме (*бышарган жерге себээлей турган порошок*); **детская присыпка** баланын бышарган жерине себилүүчү порошок сыяктуу нерсе.

**ПРИСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **присохнуть.**

**ПРИСЯ'ГА** *ж.* ант; *рел.* касам; **привести к присяге** 1) ант бердирүү; 2) *рел.* касам ичирүү; **принесение присяги** 1) ант берүү; 2) *рел.* касам ичүү.

**ПРИСЯГА'ТЬ** *несов. см.* **присягнуть.**

**ПРИСЯГНУ'ТЬ** *сов. кому-чему* ант берүү; *рел.* касам ичүү.

**ПРИСЯ'ЖНЫЙ, -ая, -ое 1.** *уст. рел.* касам ичкен; **2.** *перен. разг.* (*всегдашний*) бир нерсени өзүнө кесип кылган, адат болуп калган; **присяжный рассказчик** кепкор; ◊ **присяжные заседатели** *уст.* присяжный заседателдер (*округдук соттун заседаниелерине катышып, айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөсүз экенин жалпы жөнүнан аныктоочу кишилер; булар — ценздүү адамдардын арасынан шайланчу*); **суд присяжных** *уст.* присяжный заседателдер катышкан сот; **присяжный поверенный** *см.* **поверенный.**

**ПРИТАИ'ТЬ** *сов.*: **притаить дыхание** дем чыгарбай; акырын дем алып калуу.

**ПРИТАИ'ТЬСЯ** *сов.* бөжөйүп жашынуу, жашырынуу.

**ПРИТА'ПТЫВАТЬ** *несов.* **1.** *см.* **притоптать**; **2.** *разг.* (*в такт*) жерди тээп-тээп отуруу (*мис. гармон ойногондо бут менен жерди тээп-тээп отуруу*).

**ПРИТА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **притащить.**

**ПРИТАЧА'ТЬ** *сов. что* кайып тигүү.

**ПРИТА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **притачать.**

**ПРИТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что* сүйрөп алып келүү, ээрчитип ала келүү, болбой жатып ээрчитип келүү, ала келүү.

**ПРИТАЩИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*с трудом, еле-еле прийти*) сүйрөлүп араң келүү (жетүү), сенделип зорго келүү (жетүү); **2.** (*прийти*) сүйрөлүп, өзү жабышып келүү.

**ПРИТВОРИ'ТЬ** *сов. что* чала жабуу, жабымыш болуу; **притворить дверь** эшикти чала жабуу.

**ПРИТВОРИ'ТЬСЯ** I *сов.* (*неплотно закрыться*) чала жабылуу (*мис. эшик, терезе*).

**ПРИТВОРИ'ТЬСЯ** II *сов. кем* (*прикинуться*) амалдануу, анткорлонуу, -ымыш болуу; **притвориться глухим** дүлөй болумуш болуу, анткорлонуп укпай калуу.

**ПРИТВО'РНЫЙ, -ая, -ое** анткор, калп, жалган; **притворный смех** анткор күлкү.

**ПРИТВО'РСТВО** *ср.* анткордук, анткорлонуу; **его слёзы — одно притворство** анын көз жашы — жөн эле анткордук.

**ПРИТВО'РЩИК** *м.* анткор, анткорлонуучу.

**ПРИТВО'РЩИЦА** *женск. р. к* **притворщик.**

**ПРИТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **притворить.**

**ПРИТВОРЯ'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **притвориться** I; **2.** *страд. к* **притворять.**

**ПРИТВОРЯ'ТЬСЯ** II *несов. см.* **притвориться** II.

**ПРИТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **притечь.**

**ПРИТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* сүрүп эп кыюу, жонуу; кырып, ышкып эбине келтирүү; **притереть стеклянную пробку** айнек тыгынды ышкып чак келтирүү.

**ПРИТЕРПЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* чыдоо, чыдап көнүгүү.

**ПРИТЁРТЫЙ, -ая, -ое**: **притёртая пробка** ышкып сүрүп чакталган тыгын.

**ПРИТЕСНЕ'НИЕ** *ср* кысым, эзүү, кысымчылык кылуу.

**ПРИТЕСНИ'ТЕЛЬ** *м.* кысым көрсөтүүчү, эзүүчү, залим.

**ПРИТЕСНИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **притеснитель.**

**ПРИТЕСНИ'ТЬ** *сов. кого-что* кысуу, кысым көрсөтүү.

**ПРИТЕСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **притеснить.**

**ПРИТЕ'ЧЬ** *сов.* **1.** (*о жидкости*) куюлуу, агып келүү, агып кошулуу; **2.** *перен. разг.* (*прибыть, появиться*) суудай агып келүү (*мис. акча*).

**ПРИТИРА'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) ышкуу, сыйпоо (*мис. куйгөн жерге май сыйпоо*); **2.** сыйпалуучу, сүртүлүүчү дары.

**ПРИТИРА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **притереть; 2.** *что* (*слегка втирать*) сыйпоо, сүйкөө.

**ПРИТИ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **притиснуть.**

**ПРИТИ'СНУТЬ** *сов. кого-что, разг.* кыпчып алуу, кысып салуу, кыстырып алуу; **вы меня притиснули к стене** сиз мени дубалга кысып салдыңыз.

**ПРИТИХА'ТЬ** *несов. см.* **притихнуть.**

**ПРИТИ'ХНУТЬ** *сов.* **1.** (*стать тише*) басаңчалоо, бир аз басылуу (*мис. тыбыш*); **2.** (*перестать шуметь*) бир аз жоошуу, тынчуу, басылуу, басылып калуу.

**ПРИТКНУ'ТЬ** *сов. что, разг.* **1.** (*приколоть*) сайып коюу, төөнөп коюу; **2.** (*поместить, положить*) бир жерге коё салуу.

**ПРИТКНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* эптеп-септеп орундашуу, жайлашуу, эптеп жайланышуу.

**ПРИТО'К** *м.* **1.** (*действие*) куюлуу, келүү, агып келүү, агып кошулуу (кирүү); **приток в комнату свежего воздуха** бөлмөгө таза абанын кириши; **2.** *перен.* (*наплыв*) көп келүү, үстү-үстүнө келүү, көп кирүү; **приток молодых кадров** жаш кадрлардын көп келиши; **3.** *геогр.* куйма; **Ока — приток Волги** Ока — Волганын куймасы.

**ПРИ'ТОЛОКА** *ж.* эшиктин (дарбазанын) маңдайчасы.

**ПРИТО'М** *союз* анын үстүнө; **удобная и притом недорогая квартира** жайлуу жана анын үстүнө арзан квартира.

**ПРИТО'Н** *м.* притон (*бузуку, кылмаатчылардын чогулуучу уясы*); **воровской притон** ууруулардын притону (*чогулуучу жери*).

**ПРИТО'ПНУТЬ** *однокр.* тебүү (*бир жолу*).

**ПРИТОПТА'ТЬ** *сов. что* тебелеп салуу, таптап салуу; **притоптать землю** жерди таптап салуу.

**ПРИТО'ПЫВАТЬ** *несов.* жерди тепкилеп тапылдатуу.

**ПРИТОРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **приторочить.**

www.bizdin.kg

**ПРИ'ТОРНО** *нареч.* **1.** жүрөккө тийгич (*өтө таттуу же өтө майлуу*); **2.** *перен.* өтө кошөкөрлөнүп, өтө жагынып.

**ПРИ'ТОРНОСТЬ** *ж.* **1.** жүрөккө тийгичтик (*өтө майлуулук же өтө таттуулук*); **2.** *перен.* (*слащавость*) өтө кошөкөрлөнгөндүк, өтө жагынгандык.

**ПРИ'ТОРНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жүрөккө тийме (*өтө майлуу же өтө таттуу*); **2.** *перен.* (*слащавый*) өтө кошөкөрлөнгөн, өтө жагынган; **при́торная улы́бка** кошөкөрлөнгөн күлкү.

**ПРИТОРОЧИ'ТЬ** *сов. что* бөктөрүү (*ээрге*).

**ПРИТРА'ГИВАТЬСЯ** *несов. см.* **притро́нуться.**

**ПРИТРО'НУТЬСЯ** *сов.* **1.** *к кому-чему* (*дотронуться*) кол тийгизүү, тийүү; **2.** *к чему* (*попробовать, отведать*) даамын татып көрүү, ооз тийүү.

**ПРИТУЛИ'ТЬСЯ** *сов. прост.* орун алуу, жатып баш калкалоо (*оңтойлуу жерден*).

**ПРИТУПИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*затупить*) мокотуу (*мис. бычакты*); **2.** (*ослабить восприимчивость*) мокотуу, курчун кетирүү, басаңдатуу, начарлатуу (*мис. сезимди, көздүн курчтугун*).

**ПРИТУПИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** мокоо, мокоп калуу; **2.** *перен.* (*ослабеть*) мокоо, курчу кетүү, басаңдоо, начарлоо (*мис. сезим, көздүн курчу*).

**ПРИТУПЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** мокоо, бошоо, мокотуу; **2.** *перен.* мокоо, курчу кетүү, басаңдоо, начарлоо; мокотуу, курчун кетирүү, начарлатуу.

**ПРИТУПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **притупи́ть.**

**ПРИТУПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **притупи́ться;** **2.** *страд. п* **притупля́ть.**

**ПРИТУХА'НИЕ** *ср. тех.* төмөндөө, начарлоо, азаюу (*күчү*).

**ПРИТУХА'ТЬ** *несов.* **1.** (*гаснуть*) өчүү; **2.** *тех.* (*ослабевать*) начарлоо, төмөндөө, азаюу.

**ПРИТУ'ХНУТЬ** *сов. см.* **притуха́ть.**

**ПРИТУШИ'ТЬ** *сов. что* кичирейтүү (*лампу*); чала өчүрүү (*огонь*).

**ПРИ'ТЧА** *ж.* ибараттуу, үлгү-насыят аңгеме, жомок, тамсил; ◇ **что за при́тча!** бул эмне деген жорук!; **при́тча во язы́цех** *разг. шутл.* эл оозунан түшпөгөн.

**ПРИТЯГА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое өзүнө тартуучу, өзүнө тарткыч, кызыктыргыч, кызыктыруучу.

**ПРИТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **притяну́ть; притя́гивать как магни́т** өзүнө магниттей тартуу.

**ПРИТЯЖА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое таандык; **притяжа́тельное местоиме́ние** *грам.* таандык ат атооч (*мис. меники, сеники*); **притяжа́тельный а́ффикс** *грам.* таандык аффикс.

**ПРИТЯЖЕ'НИЕ** *ср.* өзүнө тартуу, тартуу; **зако́н земно́го притяже́ния** жердин өзүнө тартуу закону.

**ПРИТЯЗА'НИЕ** *ср.* **1.** тырышуу, умтулуу, аракеттенүү, талаптануу, талап кылуу; **притяза́ние на пе́рвое ме́сто** биринчи орунду алуу үчүн умтулуу (тырышуу); **2.** (*претензия*) орунсуз аракет кылуу, ыгы жок умтулуу; **чрезме́рные притяза́ния** өтө ашып кеткен орунсуз талап.

**ПРИТЯЗА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое талап кылган, катуу талап койгон (*мис. жумушту, тартипти катуу талап кылган начальник*).

**ПРИТЯЗА'ТЬ** *несов. на кого-что* **1.** тырышуу, умтулуу, аракеттенүү, талаптануу; **притяза́ть на пе́рвенство** биринчиликке умтулуу; **2.** орунсуз аракет кылуу, ыгы жок умтулуу; **притяза́ть на учёность** «мен окумуштуумун» деп өзүн элге таанытууга ыгы жок аракет кылуу.

**ПРИТЯНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*подтащить*) тартып жакындатуу, тартып өзүнө жакындатуу, өзүн көздөй тартуу, өзүнө жакындата тартуу; **притяну́ть ло́дку к бе́регу** кайыкты тартып жээкке жакындатуу; **2.** *кого, перен. разг.* (*привлечь*) тартуу; **притяну́ть к отве́ту** жоопко тартуу; ◇ **притяну́ть за́ волосы** негизсиз, жөнү жок келтирүү (*мис. далилдерди, фактыларды*).

**ПРИУБРА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* бир аз жыйнаштыруу, бир аз тартипке келтирүү; **приубра́ть ко́мнату** бөлмөнү бир аз жыйнаштырып коюу.

**ПРИУДА'РИТЬ** *сов. разг.* **1.** (*налечь*) тездетүү, ылдамдатуу; **2.** *за кем, перен.* артынан түшүү (*кыз-келиндин, көңүлүнө жагуу максаты менен, артынан жүрүү*).

**ПРИУДАРЯ'ТЬ** *несов. см.* **приуда́рить.**

**ПРИУКРА'СИТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*немного украсить*) бир аз кооздоо, бир аз жасоо; **2.** *перен.* анча-мынча кошуу, бир аз апыртып жиберүү (*сүйлөгөндө*); **приукра́сить чьи-л. досто́инства** бирөөнүн жакшы жагын апыртып айтуу.

**ПРИУКРАША'ТЬ** *несов. см.* **приукра́сить.**

**ПРИУКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **приукра́сить.**

**ПРИУМЕНЬША'ТЬ** *несов. см.* **приуме́ньшить.**

**ПРИУМЕНЬШЕ'НИЕ** *ср.* бир аз кемитүү, азайтуу.

**ПРИУМЕ'НЬШИТЬ** *сов. что* бир аз кемитүү, азайтуу (*мис. расходду үнөмдөө максатында*).

**ПРИУМНОЖА'ТЬ** *несов. см.* **приумно́жить.**

**ПРИУМНОЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приумно́житься;** **2.** *страд. к* **приумножа́ть.**

**ПРИУМНОЖЕ'НИЕ** *ср.* көбөйтүү, көбөйүү, арттыруу, артуу.

**ПРИУМНО'ЖИТЬ** *сов. что* көбөйтүү, арттыруу; **приумно́жить колхо́зные дохо́ды** колхоздун доходун көбөйтүү.

**ПРИУМНО'ЖИТЬСЯ** *сов.* көбөйүү, көбөйүп кетүү.

**ПРИУМОЛКА'ТЬ** *несов. см.* **приумо́лкнуть.**

**ПРИУМО'ЛКНУТЬ** *сов. разг.* сүйлөбөй калуу, үнчукпай калуу, үндөбөй калуу.

**ПРИУНЫ'ТЬ** *сов. разг.* бир аз кайгыга түшүү, көңүлү чөгүү; бир аз муңаюу, капалануу.

**ПРИУРО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **приуро́чить.**

**ПРИУРО'ЧИТЬ** *сов. что к чему* туура келтирүү, тушма-туш келтирүү, тушташ кылуу, бир мезгилге туш (туура) келтирүү, учурлаштыруу; **приуро́чить изда́ние кни́ги к юбиле́ю писа́теля** китепти басып чыгарууну жазуучунун юбилейине туура келтирүү.

**ПРИУСА'ДЕБНЫЙ,** -ая, -ое короо жанындагы, үйдүн жанындагы; **приуса́дебный уча́сток** короонун жанындагы участок (жер); там арка.

**ПРИУТИХА'ТЬ** *несов. см.* **приути́хнуть.**

**ПРИУТИ'ХНУТЬ** *сов.* **1.** (*стать тише, слабее*) басаңдоо, басылуу, басаңдап калуу, басаңдоо, бир аз басылуу, токтоо, бир аз селдөө; **ве́тер приути́х** шамал басылайын деп калды; **2.** (*перестать шуметь*) жоошуу, тынчуу (*напр. о детях*); басылуу, токтоо, бир аз селдөө (*напр. о дожде*).

**ПРИУЧА'ТЬ** *несов. см.* **приучи́ть.**

**ПРИУЧА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **приучи́ться;** **2.** *страд. к* **приуча́ть.**

**ПРИУЧИ'ТЬ** *сов. кого-что к чему и с неопр.* үйрөтүү, көндүрүү, көнүктүрүү, адат алдыруу; **приучи́ть ребёнка к поря́дку** баланы тартипке үйрөтүү.

**ПРИУЧИ'ТЬСЯ** *сов. к чему и с неопр., разг.* үйрөнүү, көнүгүү, көнүү, адаттануу; **приучи́ться к ежедне́вной у́тренней заря́дке** күнүгө эртең менен зарядка ойноого адаттануу.

**ПРИФРАНТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* жасануу, жасанып кийинүү, короздонуп кийинүү.

**ПРИФРОНТОВО'Й,** -а́я, -о́е фронттун жанындагы; **прифронтова́я полоса́** фронттун жанындагы тилке.

**ПРИХВА'РЫВАТЬ** *несов. разг.* бир аз ноокастап жүрүү, кыңкыстап жүрүү (*анда-санда ооруп коюп жүрүү*).

**ПРИХВАСТНУ'ТЬ** *сов. разг.* мактануу, бир аз мактануу, мактанып бир аз апырта коюу.

**ПРИХВАТИ'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *кого-что* (*взять с собой*) бирге алуу, кошо алуу, ала келүү, ала кетүү, ала жүрүү; **2.** *что* (*слегка привязать*) ары-бери таңа салуу, байлай коюу, ары-бери төөнөй салуу, иле коюу; **3.** *что, разг.* (*повредить морозом*) чалдыктыруу, чалып кетүү, уруп кетүү; **моро́з прихвати́л цветы́** гүлдөрдү суук чалып кетти.

www.bizdin.kg

**ПРИХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **прихватить.**

**ПРИХВОРНУ'ТЬ** *сов. разг.* ооруй калуу, бир аз ноокастоо.

**ПРИ'ХВОСТЕНЬ** *м. презр.* жасакер, көшөкөр.

**ПРИХЛЕБА'ТЕЛЬ** *м. презр.* арам тамак, көшөкөрлөнүп бирөөнүн эсебинен жан багуучу (*күн көрүүчү*).

**ПРИХЛЕБНУ'ТЬ** *однокр.* уууртап ичүү, ууртоо (*бир жолу*).

**ПРИХЛЁБЫВАТЬ** *несов. что* уууртап ичүү, ууртоо; **прихлёбывать молоко** сүттү уууртап ичүү.

**ПРИХЛО'ПНУТЬ** *сов.* 1. *что* шарт жабуу, тарс жабуу; **прихлопнуть дверь** эшикти тарс жабуу; 2. *кого-что* (*прищемить*) чаап калуу, кычып чабуу, кыса чабуу (*мис. капкан*).

**ПРИХЛО'ПЫВАТЬ** *несов. разг.* 1. *см.* **прихлопнуть;** 2. (*в такт*) чапкылоо; **прихлопывать в ладоши** алакан чапкылоо.

**ПРИХЛЫ'НУТЬ** *сов. разг.* 1. (*о воде*) келип урунуу (*мис. толкун*); 2. *перен.* (*о чувствах*) чапчый түшүү (*мис. кубаныч*); 3. *перен.* (*о людях*) дүрдүгүп келүү, каптап келүү.

**ПРИХО'Д** I *м.* 1. (*прибытие*) келүү; **часы прихода поезда** поезддин келүү сааты (убагы); 2. келүү, алуу; **приход к власти** бийликке келүү; 3. *бухг.* (*доход, поступление*) кириш, киреше; **графы прихода и расхода** кириш жана чыгыш графалары.

**ПРИХО'Д** II *м.* (*церковный*) чиркөө коому (*чиркөөлөрдүн төмөнкү уюму жана ушул уюмдун мүчөлөрү. Мусулмандарда — мечит коому*).

**ПРИХОДИ'ТЬ** *несов. см.* **прийти.**

**ПРИХОДИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прийтись;** 2. (*являться, доводиться*) болуу; **он мне приходится родственником** ал мага тууган болот; 3. *безл. кому* болуп туруу; **им туго приходится** аларга кыйын болуп турат, аларга оор болуп турат.

**ПРИХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **приход** I 3-*кө т.*; кирешелик; **приходный ордер** киреше ордери.

**ПРИХО'ДОВАТЬ** *несов. что, бухг.* кирешеге каттоо (жазуу).

**ПРИХО'ДО-РАСХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое *бухг.* кириш-чыгыш; **приходо-расходная книга** кириш-чыгыш китепсы.

**ПРИХО'ДСКИЙ,** -ая, -ое **приход** II-*ге т.*; **приходская школа** *ист.* башталгыч мектеп (*революцияга чейинки*).

**ПРИХОДЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **приходить;** 2. *прил.* келип иштөөчү, келип-кетип иштөөчү, келип окума; **приходящая домработница** келип-кетип иштөөчү үй кызматчы аял.

**ПРИХОЖА'НИН** *м. церк.* чиркөө коомунун мүчөсү (*см.* **приход** II).

**ПРИХО'ЖАЯ** *ж.* оозгу үй, кире бериштеги бөлмө; **раздеваться в прихожей** оозгу үйгө чечинүү.

**ПРИХОРА'ШИВАТЬ** *несов. кого, разг.* сулуулоо, жасалгалоо, кооздоо, жасап түзөө.

**ПРИХОРА'ШИВАТЬСЯ** *несов. разг.* жасануу, сыланып-сыйпануу (*мис. күзгүнүн алдында туруп киймин, чачын оңдоо*)

**ПРИХОТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* 1. (*требовательность*) тандагычтык; 2. (*затейливость*) оймо-чиймелүүлүк, ойкуштанткандык (*мис. сүрөт, сайма*).

**ПРИХОТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*капризный*) тандагыч, кесирдүү, жактырбаган; **прихотливое растение** тандагыч өсүмдүк; 2. (*затейливый*) оймо-чиймелүү, ойкуштанткан; **прихотливый узор** ойкуштанткан түр.

**ПРИ'ХОТЬ** *ж.* жок нерсени эңсегендик, кесир.

**ПРИХРА'МЫВАНИЕ** *ср.* бир аз аксоо, сылтуу, сылтып басуу.

**ПРИХРА'МЫВАТЬ** *несов.* сылтуу, сылтып басуу, бир аз аксоо.

**ПРИЦЕ'Л** *м.* 1. (*прицеливание*) мээлөө, шыкаалоо, кароолго алуу; **линия прицела** мээлөө (кароол) сызыгы; 2. (*приспособление*) прицел (*мылтыкты, замбиректи туура мээлеткич прибор*); **оптический прицел** оптикалык прицел; ◇ **взять на прицел** кароолго алуу, мээлөө.

**ПРИЦЕ'ЛИВАНИЕ** *ср.* мээлөө, шыкаалоо, кароолго алуу; **точка прицеливания** мээлөө точкасы (чекити).

**ПРИЦЕ'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **прицелиться.**

**ПРИЦЕ'ЛИТЬСЯ** *сов.* мээлөө, кароолго алуу.

**ПРИЦЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **прицел**-*ге*, **прицеливание**-*ге т.*; **прицельная линия** мээлөө сызыгы; **прицельный огонь** мээлеген жерге атуу.

**ПРИЦЕ'НИВАТЬСЯ** *несов. см.* **прицениться.**

**ПРИЦЕНИ'ТЬСЯ** *сов. к чему* баасын билүү, баасын сурап билүү.

**ПРИЦЕ'П** *м.* прицеп, чиркөө, тиркөө (*өзү жүрүүчү транспорттун; мис. автомашинанын артына чиркелүүчү дөңгөлөктүү жүк ташыгыч*); **автомобиль с прицепом** прицеби бар автомобиль; **трамвайный вагон с прицепом** прицеби бар трамвай вагону.

**ПРИЦЕПИ'ТЬ** *сов. что* 1. чиркөө, чиркештирүү, тиркөө; 2. *разг.* (*приколоть*) төөнөө, саюу, илүү.

**ПРИЦЕПИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*прикрепиться*) чиркелишүү, тиркелүү, илинүү; 2. *перен. разг.* (*придраться*) жабышуу, асылуу; **он прицепился к этому выражению** ал ушул сүйлөмгө асылды да калды.

**ПРИЦЕ'ПКА** *ж.* 1. (*действие*) чиркөө, чиркештирүү, тиркөө; 2. *см.* **прицеп;** 3. *перен. разг.* (*придирка*) кылдан кыйкым таап жабышуу, асылуу.

**ПРИЦЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прицепить.**

**ПРИЦЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прицепиться;** 2. *страд. к* **прицеплять.**

**ПРИЦЕПНО'Й,** -ая, -ое чиркелүүчү, чиркеме; **прицепной вагон** чиркелүүчү вагон.

**ПРИЧА'Л** *м.* 1. (*действие*) жээкке келип токтоо (*кеме*); 2. (*канат*) кемени байлап коюучу аркан, чынжыр; 3. (*место*) кеме токтоочу жай.

**ПРИЧА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **причалить.**

**ПРИЧА'ЛИТЬ** *сов.* 1. *что* (*привязать*) жээкке келип токтогондо байлоо (*кемени*); 2. (*пристать*) причалдоо, келип токтоо; **корабль причалил к пристани** кеме пристанга келип токтоду.

**ПРИЧА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое причалдык, причалдоочу (*кеме, дирижаблдер бекитилүүчү нерселер*); **причальный канат** причалдык аркан (чынжыр).

**ПРИЧА'СТИЕ** I *ср. грам.* атоочтук.

**ПРИЧА'СТИЕ** II *ср. церк. динчилдерде — кудайдын денеси, каны деп ооз тийгизилүүчү нан жана вино.*

**ПРИЧА'СТИЕ** III *уст. см.* **причастность.**

**ПРИЧА'СТНОСТЬ** *ж.* катышкандык, тиешеси бардык.

**ПРИЧА'СТНЫЙ** I, -ая, -ое **причастие** I-*ге т.*; **причастный оборот** атоочтук сүйлөм.

**ПРИЧА'СТНЫЙ** II, -ая, -ое (*к чему-л.*) катышкан, тиешеси бар: **быть причастным** *к чему-л. бир нерсеге* тиешеси бар болуу, катышуу.

**ПРИЧЁМ** *союз* бирок, анын үстүнө, дагы, ошондой болсо да; **он много занимается, причём успевает читать и художественную литературу** ал көп иштейт, бирок ошондой болсо да, көркөм адабияттарды окууга да үлгүрөт.

**ПРИЧЕСА'ТЬ** *сов. кого-что* тароо, чач тароо; **причесать ребёнка** баланын башын тароо; **причесать волосы** чачты тароо.

**ПРИЧЕСА'ТЬСЯ** *сов.* тарануу.

**ПРИЧЁСКА** *ж.* 1. (*действие*) тароо, чач тароо; 2. причёска (*чачтын тарануу түрү, формасы*); **модная причёска** модалуу причёска.

**ПРИЧЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **причесать.**

**ПРИЧЁСЫВАТЬСЯ** *несов.* 1 *см.* **причесаться;** 2. *страд.* к **причёсывать.**

**ПРИЧИ'НА** *ж.* себеп; **причина порождает следствие** себеп натыйжаны туудурат; **уважительная причина** жөнү

www.bizdin.kg

бар себеп; **по той или иной причине** тиги же бул себеп менен; **не без причины** себепсиз эмес; **без всякой причины** эч кандай себепсиз.

**ПРИЧИНЕ'НИЕ** *ср.* келтирүү, учуратуу; **причинение убытка** зыянга учуратуу.

**ПРИЧИНИ'ТЬ** *сов. что* себепкер болуу, келтирүү, учуратуу; **причинить убытки** зыянга учуратуу; **причинить** *кому-л.* **беспокойство** *бирөөнү* убара кылуу.

**ПРИЧИ'ННОСТЬ** *ж.* себептүүлүк.

**ПРИЧИ'ННЫЙ,** -ая, -ое себептүү; **причинная связь** себептүү байланыш.

**ПРИЧИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **причинить.**

**ПРИЧИСЛЕ'НИЕ** *ср.* (*прибавление*) эсепке кошуу, эсепке киргизүү, кошо саноо, катарына кошуу, кошо эсептөө.

**ПРИЧИ'СЛИТЬ** *сов.* 1. *что* (*прибавить*) эсепке кошуу, эсепке киргизүү, кошо эсептөө, кошо саноо; 2. *кого* (*отнести к числу кого-л.*) катарына кошуу, кошо саноо.

**ПРИЧИСЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **причислить.**

**ПРИЧИТА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кошуу, кошуп ыйлоо, жоктоо; 2. (*обрядовая песня*) кошок.

**ПРИЧИТА'ТЬ** *несов.* кошуу, кошуп ыйлоо, жоктоо (*өлүккө ыйлоо*).

**ПРИЧИТА'ТЬСЯ** *несов. кому-чему* тийиштүү, тиешелүү болуу; **вам причитается ещё сто рублей** сизге дагы жүз сом тийиштүү.

**ПРИЧМО'КИВАТЬ** *несов. см.* **причмокнуть.**

**ПРИЧМО'КНУТЬ** *сов.* тамшануу, тамшанып коюу.

**ПРИЧТ** *м. уст.* чиркөөнүн диний кызматкерлери.

**ПРИЧУ'ДА** *ж.* обу жок кылык.

**ПРИЧУ'ДИТЬСЯ** *сов. разг.* кайдагы жок нерсе элестелүү, угулуу.

**ПРИЧУ'ДЛИВОСТЬ** *ж.* көрөсөндүүлүк, ойку-кайкылык, укмуштуулук.

**ПРИЧУ'ДЛИВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*затейливый*) укмуштуу, ойку-кайкы, сонун, көздүн жоосун алган; **причудливый узор** укмуштуу сайма; 2. (*капризный*) бабы табылбаган.

**ПРИШВАРТОВА'ТЬ** *сов. что, мор.* шварттоо, токтотуп байлап коюу (*кемени*).

**ПРИШВАРТОВА'ТЬСЯ** *сов. мор.* швартталуу, токтолуп байлануу, токтолуп байланып туруу (*кеме*).

**ПРИШВАРТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **пришвартовать.**

**ПРИШВАРТО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пришвартоваться;** 2. *страд. к* **пришвартовывать.**

**ПРИШЕ'ЛЕЦ** *м. уст.* келгин (*башка жактан келген адам*).

**ПРИШЕПЁТЫВАТЬ** *несов. разг.* тилин чайнап сүйлөө, балдырап сүйлөө.

**ПРИШЕ'СТВИЕ** *ср.* келүү; ◇ **второе пришествие** *разг. ирон.* төөнүн куйругу жерге тийген кез.

**ПРИШИБИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что, разг.* (*ушибить*) жанчтыруу, жанчуу, былчыйтуу; 2. *кого, перен. разг.* жүрөксаада кылуу, ындынын өчүрүү.

**ПРИШИ'БЛЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **пришибить;** 2. *прил. разг.* жүрөкзаада болгон, ындыны өчкөн.

**ПРИШИВА'ТЬ** *несов. см.* **пришить.**

**ПРИШИВНО'Й,** -а́я, -о́е кошо тигилген (*бир нерсеге кошо*).

**ПРИШИ'ТЬ** *сов. что* 1. кошо тигүү, бирге тигүү, капшыруу, тигип орнотуу; **пришить воротник** жаканы кошо тигүү; 2. (*прибить — напр. доску*) жабыштыра кадоо; 3. *кому, перен. прост.* жабыштыруу, жала кылуу.

**ПРИ'ШЛЫЙ,** -ая, -ое келгин, бир жактан келген.

**ПРИШПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **пришпилить.**

**ПРИШПИ'ЛИТЬ** *сов. что* кадоо, төөнөө, сайып коюу.

**ПРИШПО'РИВАТЬ** *несов. см.* **пришпорить.**

**ПРИШПО'РИТЬ** *сов. кого* теминүү.

**ПРИЩЁЛКИВАТЬ** *несов. см.* **прищёлкнуть.**

**ПРИЩЁЛКНУТЬ** *сов.* тырс эттирүү, так эттирүү, чык эттирүү; **прищёлкнуть пальцами** бармактарын тырс эттирүү (*мис. бийлегенде*); **прищёлкнуть языком** таңдайын так эттирүү.

**ПРИЩЕМИ'ТЬ** *сов. что* кыпчып калуу, кыпчытуу, кыстыруу, кыпчытып алуу.

**ПРИЩЕМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прищемить.**

**ПРИЩЕ'П** *м. с.-х.* калемче сайылуучу жарык (*жыгач кыйыштырганда*).

**ПРИЩЕПИ'ТЬ** *сов. что, с.-х.* калемчени бутактын жарыгына сайып кыйыштыруу.

**ПРИЩЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прищепить.**

**ПРИЩЕ'ПОК** *м. с.-х.* кыйыштырыла турган калемче.

**ПРИЩУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **прищурить.**

**ПРИЩУ'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прищуриться;** 2. *страд. к* **прищуривать.**

**ПРИЩУ'РИТЬ** *сов. что* көз жүлжүйтүү, сүзүү.

**ПРИЩУ'РИТЬСЯ** *сов.* көзүн жүлжүйтүү, сүзүү.

**ПРИЮ'Т** *м.* 1. (*пристанище*) баш калкалаар жер, баш маана кылуучу жай; 2. *уст.* приют (*жетим балдарды багуучу, тарбиялоочу мекеме*).

**ПРИЮТИ'ТЬ** *сов. кого-что* баш калкалатуу, баш маана кылдыруу, баш каттыруу.

**ПРИЮТИ'ТЬСЯ** *сов.* баш калкалоо, баш маана кылуу.

**ПРИЮ'ТСКИЙ,** -ая, -ое **приют** 2-*ге т.*; **приютские дети** приюттагы балдар.

**ПРИЯ'ТЕЛЬ** *м.* ашына, жолдош, дос.

**ПРИЯ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **приятель.**

**ПРИЯ'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **приятель**-*ге т.*; ашыналык, жолдоштук, достук, тааныштык; **приятельские отношения** достук мамилелер.

**ПРИЯ'ТНО** 1. *нареч.* жагымдуу, жакшынакай, жакшы; **приятно пахнет** жакшы жыттанат; 2. *безл. в знач. сказ. кому* жагат, жагымдуу, оңтойлуу болуп, түзүк болуп.

**ПРИЯ'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. жагымдуу, жакшынакай, жакшы; **приятный запах** жакшы жыт; **приятная новость** жакшы жаңылык; 2. (*привлекательный*) жагымдуу, жүзү жылуу, таасирдүү, көркөм, келишкен; **приятная внешность** сырткы көрүнүшү келишкен (*адам*); **приятный человек** жүзү жылуу адам.

**ПРО** *предлог с вин. п.* жөнүндө, тууралу; **он рассказывал про свою поездку** ал өзүнүн барып келиши, сапары жөнүндө айтып берди; **говорить про друзей** достор жөнүндө сүйлөө; ◇ **про себя** өз ичинен, өзүнчө; **думать про себя** өз ичинен ойлонуу; **читать про себя** ичинен окуу; **ни за что ни про что** эч бир ыксыз жерден.

**ПРОАНАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. что* анализдөө, талдоо.

**ПРО'БА** *ж.* 1. (*проверка, испытание*) сыноо, байкоо; **взять на пробу** сыноого (байкоого) алуу; сынап, байкап көрүү; **проба голосов** үндөрдү сынап көрүү; 2. (*образчик*) үлгү, көргөзмө; 3. (*на драгоценных металлах*) проба (*асыл металлдарга коюлуучу белги*).

**ПРОБАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. разг.* эптеп-септеп күн көрүү; аз болсо да, ыраазы болуп күн көрүү.

**ПРОБА'ЛТЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **проболтаться** II.

**ПРОБАСИ'ТЬ** *сов. что* күүлдөгөн жоон үн менен сүйлөө же ырдоо.

**ПРОБЕ'Г** *м.* 1. *спорт.* (*состязание*) жарыш, чуркоо; 2. (*расстояние*) аралык (*машинанын же паровоздун баскан жолунун аралыгы*); 3. *ж.-д.* жүрүү, жолдо болуу (*мис. поезддин*).

**ПРОБЕ'ГАТЬ** *сов. разг.* 1. (*некоторое время*) жүгүрө берип белгилүү бир убакыт өткөрүү, жүгүрө берүү; 2. *что, разг.* (*пропустить из-за беготни*) жүгүрүп жүрүп өткөрүп жиберүү, жүгүрүп жүрүп куру калуу.

**ПРОБЕГА'ТЬ** *несов. см.* **пробежать.**

**ПРОБЕЖА'ТЬ** *сов.* 1. (*мимо кого-чего-л., через что-л.*) өтүү, жүгүрүп өтүү, чуркап өтүү; 2. *что* (*какое-л. расстояние*) жүгүрүү, жүрүү, чуркоо, басуу; 3. *перен.* дүр этип өтүү, зыр деп өтүү; **дрожь пробежала по телу** бүткөн бой дүр дей түштү; **тень пробежала по лицу**

www.bizdin.kg

кабагы бүркөлө түштү; **4.** *что, перен.* (*бегло прочитать*) көз жүгүртүү, көз чаптыруу; **пробежа́ть глаза́ми афи́шу** афишага көз жүгүртүп чыгуу.

**ПРОБЕЖА'ТЬСЯ** *сов.* жүгүрүп алуу (*бутту жазып алуу үчүн*).

**ПРОБЕ'Л** *м.* **1.** жазылбаган, ачык, бош жер (*текстиде*); **2.** *перен.* кемчилик, жетишпегендик; **пробе́лы в зна́ниях** билимдеги жетишпегендиктер; **воспо́лнить пробе́л в образова́нии** билимдеги кемчиликтерди толуктоо.

**ПРОБИВА'ТЬ** *несов. см.* **проби́ть.**

**ПРОБИВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **проби́ться** 1, 2, 3; **2.** *страд. к* **пробива́ть.**

**ПРОБИРА'ТЬ** *несов. см.* **пробра́ть.**

**ПРОБИРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **пробра́ться; 2.** *страд. к* **пробира́ть.**

**ПРОБИ'РКА** *ж.* пробирка (*лабораторияда колдонулуучу, бир башы туюк айнек түтүк*).

**ПРОБИ'РНЫЙ,** -ая, -ое **проба** 3-*кө т.*; пробирдик (*асыл металлдын пробаларын ажыратуучу*); **проби́рное клеймо́** пробирдик тамга (белги); **проби́рный ка́мень** проба ташы (*асыл металлдардын сапатын белгилөө үчүн колдонулуучу таш*).

**ПРОБИ'РОВАНИЕ** *ср.* пробалоо.

**ПРОБИ'РОВАТЬ** *несов. что* пробалоо (**1.** *асыл металлдардын сапатын текшерип аныктоо*; **2.** *алтын же күмүш буюмдарга белги уруу*).

**ПРОБИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*сделать отверстие*) уруп тешүү, уруп көзөө, уруп оюу, көзөй тийүү, тешип кетүү; **проби́ть сте́ну** стенаны уруп тешүү; **пу́ля проби́ла кры́шу** ок чатырды тешип кетти; **2.** *что* (*путь, дорогу*) ачуу, салуу; **проби́ть себе́ доро́гу** *прям., перен.* өзүнө өзү жол ачуу; **3.** (*о часах*) согуу, уруу; **проби́ло двена́дцать часо́в** саат он экини сокту.

**ПРОБИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*проложить себе путь*) жол ачуу, жарып чыгуу, жол салуу, аралап отуруп чыгуу; **отря́д проби́лся к реке́** отряд жол ачып, өзөнгө чыкты; **мы проби́лись сквозь толпу́** биз калың элди аралап отуруп чыктык; **руче́й проби́лся сквозь ка́мни** булак таштардын арасынан жарып чыкты; **2.** (*о растительности*) жарып чыгуу, кылтыйып чыгуу; **нару́жу проби́лась молода́я тра́вка** жаш чөп жердин үстүнө кылтыйып чыкты; **3.** *перен.* (*добиться положения*) кошулуу, жетишүү, болуу; **проби́ться в лю́ди** киши катарына кошулуу, эл ичинде атагы чыгуу; **4.** *перен. разг.* (*промучиться*) убаралануу, алпурушуу; **я це́лый день проби́лся над э́той зада́чей** мен ушул маселе менен кечке чейин убара болдум.

**ПРО'БКА** *ж.* **1.** (*кора*) пробка (*тыгын жасалуучу жыгачтын кабыгы*); **поплаво́к из про́бки** пробкадан жасалган калкыгыч; **2.** (*для закупорки*) тыгын; **стекля́нная про́бка** айнек тыгын; **деревя́нная про́бка** жыгач тыгын; **3.** *перен.* тыгылыш; **в дверя́х образова́лась про́бка** эшиктин алдында тыгылыш болду.

**ПРО'БКОВЫЙ,** -ая, -ое **пробка** 1, 2-*ге т.*; пробкалуу; **про́бковый по́яс** пробкалуу кур (*сууга чөгөрбөй турган пробка кур*); **про́бковая подо́шва** пробка таман.

**ПРОБЛЕ'МА** *ж.* проблема (*чечилүүнү талап кылып турган милдеттер, маселелер*); **разреши́ть пробле́му** проблеманы чечүү.

**ПРОБЛЕМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*предположительный*) проблемалуу (*чечилүүсү мүмкүн сыяктанган, божомолдуу*); **2.** (*сомнительный*) шектүү, күмөндүү, арсар; чечилүүсү, орундатылышы божомолдуу.

**ПРОБЛЕМАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* **1.** (*предположительность*) проблемалуулук (*чечилүүсү мүмкүн сыяктангандык, божомолдуулук*); **2.** (*маловероятность*) шектүүлүк, ишеничсиздик.

**ПРОБЛЕМАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **проблемати́ческий; мой отъе́зд ещё проблемати́чен** менин кетер-кетпесим азырынча белгилүү эмес.

**ПРОБЛЕ'МНЫЙ,** -ая, -ое **проблема**-*га т.*; проблемалуу.

**ПРО'БЛЕСК** *м.* **1.** жарк эте түшкөн, жаркырак, жарк-журк эткен; **про́блески све́та** жарыктын жарк этиши; **2.** *чаще мн., перен.* жылт дей түшүү, көрүнө түшүү, кылт эте түшүү (*эске*); келе калуу; **про́блески наде́жды** үмүттүн элеси; **у больно́го появи́лись лишь про́блески созна́ния** оорулуу адам араң эле эсине келе баштады.

**ПРОБЛУЖДА'ТЬ** *несов.* адашуу, адашып жүрүү, адашып жүрүп убакыт өткөрүү.

**ПРО'БНЫЙ,** -ая, -ое **1.** сыналуучу, сынап байкай турган; **про́бная рабо́та** сыналуучу иш, сынап байкоочу иш; **про́бный това́р** сыналуучу товар; **про́бный вы́стрел** сынамыкка аткан ок; **2.** (*с клеймом пробы*) пробалуу, пробасы бар (*см.* **про́ба** 3); **про́бное зо́лото** пробалуу алтын; ◊ **про́бный ка́мень** 1) *см.* **проби́рный (проби́рный ка́мень)**; 2) *перен.* сын ташы (*сынап көрүү үчүн иштелген аракет*).

**ПРО'БОВАТЬ** *несов.* **1.** *что* (*испытывать*) сыноо, сынап көрүү; **про́бовать свои́ си́лы** өзүнүн күчүн сынап көрүү; **2.** *что* (*отведывать*) даамын көрүү, жытын байкап көрүү, татуу; **3.** *с неопр.* (*пытаться что-л. сделать*) тырышуу, аракеттенүү; **про́бовать пройти́** өтүп кетүүгө аракеттенүү.

**ПРОБОДЕ'НИЕ** *ср. мед.* тешилүү, жарылуу; **прободе́ние кишо́к** ичеги тешилүү; **прободе́ние бараба́нной перепо́нки** кулак жаргакчасынын тешилиши.

**ПРОБО'ИНА** *ж.* тешик (*мис. кемеге ок тийип же ташка урунуп тешилген жер*).

**ПРОБО'Й** *м.* **1.** *тех.* кулпу иле турган илмек темир; **2.** *см.* **пробо́ина.**

**ПРОБО'ЙНИК** *м. тех.* пробойник (*көзөгүч, тешкич*).

**ПРОБОЛЕ'ТЬ** *сов.* ооруп жатуу; **он проболе́л ме́сяц** ал бир ай ооруп жатты.

**ПРОБОЛТА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** (*некоторое время*) келжиреп, сүйлөй берип убакыт өткөрүү; **2.** (*выдать секрет*) келжиреп (дөөдүрөп) сырын айтып салуу.

**ПРОБОЛТА'ТЬСЯ** I *сов. разг.* (*провести некоторое время без дела*) сандалып каңгып жүрүү.

**ПРОБОЛТА'ТЬСЯ** II *сов. разг.* (*проговориться*) келжиреө, тантуу, келжиреп (дөөдүрөп) сырын айтып салуу.

**ПРОБО'Р** *м.* чачтын бөлүнүшү, экиге жарылышы; **косо́й пробо́р** чачты кыйшык бөлүү; **прямо́й пробо́р** чачты түз жаруу (бөлүү); **сде́лать пробо́р** чачты бөлүү.

**ПРОБОРМОТА'ТЬ** *сов. что* кобуроо, күбүрөө.

**ПРО'БОЧНИК** *м.* бөтөлкөнүн тыгынын ачуучу бурама.

**ПРОБРА'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *кого-что* жетүү, өтүү; **моро́з пробра́л меня́ до косте́й** суук менин сөөгүмө жетти; **2.** *кого, перен.* (*выбранить*) сөгүү, тилдөө, жемелөө.

**ПРОБРА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*с трудом пройти*) эптеп өтүү, эптеп жетүү; **2.** (*тайком пройти*) уурданып кирүү, уурданып өтүү.

**ПРОБРОДИ'ТЬ** *сов.* бир кыйла убакка чейин кыдырып жүрүү.

**ПРОБУДИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*разбудить*) ойготуу; **2.** *кого-что, перен.* сезимин козготуу, ойготуу; **пробуди́ть ма́ссы** массаларды ойготуу (*сезимин*); **пробуди́ть любо́вь к спо́рту** спортту сүйүү сезимин ойготуу.

**ПРОБУДИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*проснуться*) ойгонуу; **2.** *перен.* (*появиться, стать активным*) туулуу, пайда болуу, ⸗гысы келүү; **в нём пробуди́лась охо́та к чте́нию** анын китеп окугусу келди; **3.** *перен.* (*ожить*) жандануу, ойгонуу; **весно́й приро́да пробуди́лась** жазында жаратылыш жанданды.

**ПРОБУЖДА'ТЬ** *несов. см.* **пробуди́ть.**

**ПРОБУЖДА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **пробуди́ться; 2.** *страд. к* **пробужда́ть.**

**ПРОБУЖДЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*от сна*) ойгонуу, ойготуу; **2.** *перен.* (*появление чего-л.*) ойгонуу, пайда болуу, козгол-

www.bizdin.kg

туу; 3. *перен.* (*оживление*) жандануу, ойгонуу; **пробуждение природы** табияттын жанданышы.

**ПРОБУРА'ВИТЬ** *сов. что* бурап тешүү, бургулап тешүү, оюу, көзөө.

**ПРОБУРА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **пробура́вить.**

**ПРОБУРИ'ТЬ** *сов. что* бурап көзөө, бургулап тешүү, бурап оюу (*too тектерин, жерди*).

**ПРОБУРЧА'ТЬ** *сов. что, разг.* кобуроо, күңкүлдөө.

**ПРОБЫ'ТЬ** *сов.* болуу, жашоо, жүрүү; **я про́был на ю́ге два ме́сяца** мен түштүктө эки ай жүрдүм.

**ПРОВА'Л** *м.* 1. (*падение*) урап кетүү, урап түшүү; 2. (*яма*) урап, жемирилип кеткен жер, чуңкур; **подойти́ к прова́лу** чуңкурга жакын келүү; 3. *перен.* (*неудача*) иш ордунан чыкпай калуу.

**ПРОВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **провали́ть;** ◇ **прова́ливай!** *прост.* жогол!, кет нары!

**ПРОВА'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **провали́ться;** 2. *страд. к* **прова́ливать.**

**ПРОВАЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*обрушить*) уратып түшүрүү, уратуу; 2. *что, перен.* бүлдүрүү, бузуу, иштен чыгарып салуу (*жаратпай*); үзгүлтүккө учуратуу; **провали́ть рабо́ту** ишти үзгүлтүккө учуратуу; **провали́ть предложе́ние** сунушту өткөрбөй коюу; 3. *кого, перен. разг.* (*на экзамене*) кулатуу, өткөрбөй коюу.

**ПРОВАЛИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*упасть*) кулап кетүү, түшүп кетүү; **провали́ться в я́му** чуңкурга түшүп кетүү, аңгекке кулап кетүү; 2. (*обрушиться*) урап түшүү, урап кетүү; **кры́ша провали́лась** үйдүн төбөсү урап түштү; 3. *перен. разг.* (*пропасть*) жоголуу, житүү, тентип кетүү, көрүнбөй кетүү; **куда́ ты провали́лся на две неде́ли?** сен эки жумадан бери кайда жоголуп жүрдүң?; 4. *перен.* (*потерпеть неудачу*) иш ордунан чыкпоо; 5. *перен.* (*на экзамене*) кулоо, өтпөй калуу; ◇ **как сквозь зе́млю провали́лся** дайны жок житип кетти; **я гото́в был сквозь зе́млю провали́ться** мен жерге кирип кеткидей болдум; **провали́сь ты совсе́м!** *разг.* жерге кир!

**ПРОВАЛЯ'ТЬСЯ** *сов.* оонап жата берүү, тайраңдап бекер жатуу.

**ПРОВА'НСКИЙ,** -ая, -ое: **прова́нское ма́сло** прованс майы (*өсүмдүк майынын бир түрү*).

**ПРОВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **провари́ть.**

**ПРОВА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **провари́ться;** 2. *страд. к* **прова́ривать.**

**ПРОВАРИ'ТЬ** *сов. что* абдан кайнатып бышыруу, абдан кайнатуу, абдан бышыруу.

**ПРОВАРИ'ТЬСЯ** *сов.* абдан кайнап бышуу, абдан бышуу.

**ПРОВЕ'ДАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*навестить*) жайын билүү, алын сурoo үчүн барып келүү (*оору кишиге*); 2. *что, о ком-чём* (*узнать*) угуп билүү, билип калуу.

**ПРОВЕДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*прокладка, построение*) жүргүзүү, куруу, салуу, өткөрүү, өткөзүү; **проведе́ние но́вых шоссе́йных доро́г** жаңы шоссе жолдорун салуу; 2. (*осуществление, выполнение*) киргизүү, ашыруу, аткаруу, жүргүзүү, өткөрүү, орундоо; **проведе́ние реше́ния собра́ния в жизнь** чогулуштун чечимдерин иш жүзүнө ашыруу; **проведе́ние о́пыта** тажрыйба жүргүзүү (жасоо).

**ПРОВЕ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **прове́дать.**

**ПРОВЕЗТИ'** *сов. кого-что* 1. алып баруу, ташуу, жеткирүү; 2. (*перевезти*) салып алып баруу, салып жеткирүү, салып ташуу; **провезти́ кни́ги в чемода́не** китептерди чемоданга салып жеткирүү.

**ПРОВЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **прове́ять.**

**ПРОВЕНТИЛИ'РОВАТЬ** *сов. что* вентиляциялоо, вентиляция кылуу.

**ПРОВЕ'РЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **прове́рить;** 2. *прил.* текшерилген, сынакы болгон, сыналган, сыноодон өткөн; **прове́ренный рабо́тник** сыналган кызматкер.

**ПРОВЕ'РИТЬ** *сов.* 1. *что* текшерүү; **прове́рить докуме́нты** документтерди текшерүү; **прове́рить исполне́ние** аткарылышын текшерүү; 2. *кого-что* (*подвергнуть испытанию*) сыноо, текшерип байкоо, текшерип көрүү; **прове́рить зна́ния** билимин текшерип көрүү; **прове́рить часы́** саатты тууралоо.

**ПРОВЕ'РКА** *ж.* 1. текшерүү; **прове́рка докуме́нтов** документтерди текшерүү; 2. (*с целью испытания*) сыноо, текшерип байкоо, текшерип көрүү; **прове́рка зна́ний** билимин текшерип көрүү.

**ПРОВЕРНУ'ТЬ** *сов. что* 1. (*просверлить*) бурап тешүү; **проверну́ть дыру́** бурап тешүү; 2. (*пропустить через что-л.*) бурап өткөрүү, өткөрүү (*пууроо*); **проверну́ть мя́со че́рез мясору́бку** этти мясорубкадан өткөрүү; 3. *перен. разг.* (*быстро сделать*) тез бүткөрүү; **проверну́ть де́ло за неде́лю** ишти бир жуманын ичинде эле иштеп салуу.

**ПРОВЕ'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое **проверка**-*га т.*; **прове́рочный дикта́нт** текшерүү диктанты; **прове́рочная коми́ссия** текшерүү комиссиясы.

**ПРОВЕРТЕ'ТЬ** *сов. см.* **проверну́ть** 1.

**ПРОВЁРТЫВАТЬ** *несов. см.* **проверте́ть, проверну́ть.**

**ПРОВЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **прове́рить.**

**ПРОВЕ'С** *м.* (*недостаточность в весе*) кем тартылуу, мүчүлүш таразалануу, жеткире тартпоо.

**ПРОВЕ'СИТЬ** *сов. что* (*недовесить*) кем тартуу, салмагына жеткире тартпоо.

**ПРОВЕСТИ'** *сов.* 1. *кого-что* баштап баруу, ээрчитип баруу, өткөрүү; **провести́ кратча́йшим путём** жакын жол менен алып өтүү; 2. (*обозначить линией*) жүргүзүү, салуу; **провести́ грани́цу** чек салуу; 3. *что* (*проложить, построить*) жүргүзүү, куруу, салуу, орнотуу, өткөрүү; **провести́ водопрово́д** водопровод жүргүзүү; **провести́ желе́зную доро́гу** темир жол салуу; **провести́ электри́чество** электр киргизүү; 4. *чем* сылоо, сүрүү; **провести́ руко́й по волоса́м** кол менен чачты сылоо; 5. *что* (*осуществить, выполнить*) ашыруу, жүргүзүү, өткөрүү, аткаруу, орундоо; **провести́ иде́ю в жизнь** идеяны турмушка ашыруу; **провести́ постановле́ние** токтомду өткөрүү (бекитүү); **уда́чно провести́ о́пыт** тажрыйбаны ийгиликтүү өткөрүү; **провести́ посевну́ю кампа́нию** эгин айдоо кампаниясын өткөрүү; 6. *что* (*какое-л. время*) өткөрүү; **провести́ о́тпуск на ю́ге** дем алышты түштүктө өткөрүү; **ве́село провести́ пра́здник** майрамды көңүлдүү өткөрүү; 7. *что* (*оформить*) өткөрүү; **провести́ счёт по ка́ссе** счётту касса аркылуу өткөрүү; 8. *кого, разг.* (*обмануть*) алдоо, сызга отургузуу; **ло́вко ты меня́ провёл!** сен мени укмуштуу алдадың!, мени сен куп гана алдадың!

**ПРОВЕ'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **прове́трить.**

**ПРОВЕ'ТРИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прове́триться;** 2. *страд. к* **прове́тривать.**

**ПРОВЕ'ТРИТЬ** *сов. что* желдетүү, шамалдатуу; **прове́трить помеще́ние** үйдү шамалдатуу.

**ПРОВЕ'ТРИТЬСЯ** *сов.* 1. шамалдатылуу, желдетилүү; **ко́мната уже́ прове́трилась** бөлмө желдетилип бүттү; 2. *разг.* (*освежиться*) сергүүндөө, салкын абага чыгуу.

**ПРОВЕ'ЯТЬ** *сов. что* сапыруу (*аштыкты*).

**ПРОВИА'НТ** *м.* азык-түлүк, азык.

**ПРОВИА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **провиант**-*ка т.*; **провиа́нтские запа́сы** азык-түлүк запастары.

**ПРОВИДЕ'НИЕ** *ср. рел.* кудурет, кудурет күчү; **по во́ле провиде́ния** кудайдын кудурети менен.

**ПРОВИ'ДЕТЬ** *несов. что, уст.* күн мурунтан көрүү, алдын ала билүү.

**ПРОВИ'ДЕЦ** *м. уст.* күн мурунтан билүүчү адам.

**ПРОВИ'ЗИЯ** *ж.* азык-түлүк, тамак-аш.

**ПРОВИ'ЗОР** *м.* провизор (*дарыгер; ал алдынча фармацевтикалык ишке жана аптеканы башкарууга укук берүүчү наам*).

www.bizdin.kg

**ПРОВИНИ́ТЬСЯ** *сов. в чём, чем перед кем* айыптуу болуу, күнөөлүү болуу, жазуу.

**ПРОВИ́ННОСТЬ** *ж. разг.* күнөө, жазык, айып.

**ПРОВИНЦИА́Л** *м.* провинциал, провинцияда туруучу адам (*маданият борборунан алыс, четте жүрүүчү адам*).

**ПРОВИНЦИАЛИ́ЗМ** *м.* 1. *уст.* провинциализм (*маданият борборунан алыста жашаган адамдын үрп-адаты*); 2. *лингв.* элет сөзү (*бир жайда гана сүйлөнүүчү, адабий тилге кирбеген сөз*).

**ПРОВИНЦИА́ЛКА** *женск. р. к* **провинциа́л.**

**ПРОВИНЦИА́ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **провинция**-*га т.*; провинциялык; **провинциа́льный го́род** провинциялык шаар (*борбордон алыс шаар*).

**ПРОВИ́НЦИЯ** *ж.* провинция (1. *ист.* Байыркы Римде— жеңип багындырып алган өлкө; 2. *кээ бир мамлекеттерде областтык, административдик бөлүкчө* (*единица*); 3. *падышалык Россияда — алыскы губерниянын бөлүгү*; 4. *маданий борбордон алыс жер*).

**ПРОВИСА́ТЬ** *несов. см.* **прови́снуть.**

**ПРОВИ́СНУТЬ** *сов.* чоюлуп асылып туруу (*мис. кир жайган аркан*).

**ПРО́ВОД** *м.* провод, сым (*электр тогу жүрүүчү сым*); **телегра́фный про́вод** телеграф сымы; **по прямо́му про́воду** түз провод аркылуу, түз провод менен (*байланышуу*).

**ПРОВОДИ́ТЬ** I *несов.* 1. *см.* **провести́;** 2. *физ.* өткөрүү, өткөзүү; **де́рево не прово́дит электри́чество** жыгач электр тогун өткөрбөйт; ◇ **проводи́ть** *какую-л.* **ли́нию** бир жолду, көз караштыы жүргүзүү; **проводи́ть** *что-л.* **на пра́ктике** *бир нерсени* иш жүзүндө турмушка ашыруу.

**ПРОВОДИ́ТЬ** II *сов. кого-что* узатып коюу, узатуу, жөнөтүү; **проводи́ть до воро́т** дарбазага чейин узатып коюу; **проводи́ть сы́на на учёбу** уулун окууга жөнөтүү; ◇ **проводи́ть по́езд глаза́ми** поезддин артынан карап туруу.

**ПРОВО́ДКА** *ж.* 1. (*действие*) өткөрүү; **прово́дка электри́чества** электр өткөрүү; 2. (*провода́*) сым (*электр тогун өткөргүч сым*).

**ПРОВОДНИ́К** *м.* 1. (*провожатый*) жол көрсөткүч, жол баштагыч, узатып кошо баруучу киши; 2. *ж.-д.* проводник (*жолдо вагонду кароочу адам*); 3. *физ., тех.* өткөргүч (*өзү аркылуу электр тогун өткөрүүчү*); **проводники́ электри́чества** электр өткөргүчтөр; 4. *перен.* тараткыч, таратуучу, жаюучу; **ра́дио — проводни́к культу́ры** радио — маданиятты таратуучу.

**ПРОВОДНИ́ЦА** *женск. р. к* **проводни́к** 1, 2.

**ПРО́ВОДЫ** *только мн.* узатуу, жөнөтүү (*бир жакка кетүүчү адамды салтанат менен жөнөтүү, узатуу*).

**ПРОВОЖА́ТЫЙ** *м. разг. см.* **проводни́к** 1.

**ПРОВОЖА́ТЬ** *несов. см.* **проводи́ть** II.

**ПРОВО́З** *м.* ташуу, жеткирүү (*кемеде, арабада, машинада ж. б.*); **заплати́ть за прово́з** жеткирүү акысын, кире акысын төлөө.

**ПРОВОЗВЕ́СТНИК** *м. уст.* кабарчы, кабар берүүчү (*мис. келгин куштар жаздын кабарчысы*).

**ПРОВОЗГЛАСИ́ТЬ** *сов.* 1. *что* салтанаттуу жарыялоо, жарыя кылуу, жарыялоо, угузуу; **провозгласи́ть ло́зунг** лозунг жарыялоо; 2. *кого кем, уст.* жарыялоо, жар салуу (*мис. падыша болдум деп*).

**ПРОВОЗГЛАША́ТЬ** *несов. см.* **провозгласи́ть.**

**ПРОВОЗГЛАШЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) салтанаттуу жарыялоо, жарыя кылуу, жарыялоо, угузуу, салтанат менен жарыялануу; 2. *уст.* (*кого-л.*) жарыялоо, жар салуу.

**ПРОВОЗИ́ТЬ** I *несов. см.* **провезти́.**

**ПРОВОЗИ́ТЬ** II *несов. кого-что* (*заниматься перевозкой*) ташуу, өткөрүү, жеткирүү (*арабада, машинада, унаага мингизип*).

**ПРОВОЗИ́ТЬСЯ** *сов.* убаралана берүү, илеше берүү, алпурушуу, алек болуу; **до девяти́ часо́в утра́ они́ провози́лись с убо́ркой кварти́ры** алар эртең менен саат тогузга чейин үйүн жыйнаштыруу менен убара болушту; **де́ти весь день провози́лись в саду́** балдар керели кечке бакта оюн менен алек болушту.

**ПРОВОКА́ТОР** *м.* провокатор (1. *полицияга билдириш үчүн революциячыл уюмга кирип алган полициянын жашырын агенти*; 2. *чыккынчылык кылуу максатында жолдон чыгарып азгыруучу адам*).

**ПРОВОКА́ТОРСКИЙ**, -ая, -ое **провокатор**-*го т.*; провокатордук.

**ПРОВОКАЦИО́ННЫЙ**, -ая, -ое **провокация**-*га т.*; провокациялык, провокация кылуу максатындагы.

**ПРОВОКА́ЦИЯ** *ж.* провокация (1. *революционерлердин иштери жөнүндө полицияга кабар берүү максатында революциячыл уюмдарга кирип алышкан жашырын полициялык агенттердин чыккынчылык аракеттери*; 2. *бир максат менен атайын чатак чыгарууга көкүтүү*).

**ПРО́ВОЛОКА** *ж.* сым; **колю́чая про́волока** тикенектүү сым.

**ПРОВОЛОЧИ́ТЬ** *сов. разг.* 1. *кого-что* сүйрөө; 2. *что* (*протянуть время без толку*) тоскоолдук кылып кечиктирүү, убакытты созо берүү, сүйрөө, сундактыруу.

**ПРОВОЛО́ЧКА** *ж. разг.* тоскоолдук кылуу, кечиктирүү, убакытты созо берүү, сүйрөө, сундактыруу.

**ПРО́ВОЛОЧНЫЙ**, -ая, -ое **проволока**-*га т.*; сымдык; **про́волочное загражде́ние** сым тосмо.

**ПРОВОЛО́ЧЬ** *несов. см.* **проволочи́ть** 1.

**ПРОВО́РНО** *нареч.* шамдагайлык менен, чыйрактык менен.

**ПРОВО́РНЫЙ**, -ая, -ое шамдагай, чыйрак.

**ПРОВОРОВА́ТЬСЯ** *сов. разг.* уурдап жүрүп, кармалып калуу; уурдап жүрүп, бети ачылуу.

**ПРОВОРО́НИТЬ** *сов. кого-что, разг.* ачык ооздук кылып, колдон алдырып жиберүү; жазып калуу, оздогусун алдырып жиберүү.

**ПРОВО́РСТВО** *ср.* шамдагайлык, чыйрактык, тездик, ыкчамдык.

**ПРОВОРЧА́ТЬ** *сов.* күңкүлдөө, ачуусу келип кобуроо, мыңкылдоо.

**ПРОВОЦИ́РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *кого-что* (*подстрекать*) азгыруу, жолдон чыгаруу, колтукка суу бүркүү 2. *что* (*умышленно вызывать что-л.*) провокация кылуу, көкүтүү.

**ПРОВРА́ТЬСЯ** *сов. разг.* калп айтып кармалып калуу, калпы чыгып калуу.

**ПРОВЯ́ЛИВАТЬ** *несов. см.* **провя́лить.**

**ПРОВЯ́ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **провя́литься.**

**ПРОВЯ́ЛИТЬ** *сов. что* кактоо, сүрсүтүү, тоборсутуу (*күнгө*).

**ПРОВЯ́ЛИТЬСЯ** *сов.* какталуу, сүрсүү, тобосуу (*күнгө*).

**ПРОГАДА́ТЬ** *сов. разг.* ойлогону ордунан чыкпай калуу, жаңылып калуу; **вы прогада́ли, что не пое́хали с на́ми** биз менен барбай, сиз жаңылыштык кылдыңыз.

**ПРОГА́ЛИНА** *ж. разг.* токойдогу ачык жер, аянт.

**ПРОГИ́Б** *м.* 1. (*действие*) ийүү, ийилтүү, ийрейтүү, кайкыйтуу; 2. (*прогнувшееся место*) ийилген жер, ийрейген жер, кайкы жер.

**ПРОГИБА́ТЬ** *несов. см.* **прогну́ть.**

**ПРОГИБА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прогну́ться;** 2. *страд. к* **прогиба́ть.**

**ПРОГЛА́ДИТЬ** *сов. что* 1. (*проутюжить*) үтүктөө, таптоо; **прогла́дь мне слегка́ шарф** менин шарфымды бир аз үтүктөп берчи; 2. (*некоторое время*) таптап *же* үтүктөп убакыт өткөрүү.

**ПРОГЛА́ЖИВАТЬ** *несов. см.* **прогла́дить.**

**ПРОГЛА́ТЫВАТЬ** *несов. см.* **проглоти́ть.**

**ПРОГЛОТИ́ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жутуу, жутуп жиберүү; **проглоти́ть табле́тку** таблетканы жутуп жиберүү; 2. *что, перен.* сыртка чыгарбай калуу, өзүнүн ичинде калтыруу, ичинен тынуу; **проглоти́ть оби́ду** ызасы ичинде болуп, ун-

www.bizdin.kg

чукпай калуу; 3. *что, перен. разг.* (*быстро прочитать*) тез окуп бүтүрүү, ары-бери окуп бүтүрө коюу (*китепти*); ◇ **проглотить язык** үндөбөө, унчукпоо; **язык проглотишь!** тилиңди гартат! (*эң эле таттуу же даамдуу*).

**ПРОМЕНЯ'ТЬ** *сов. кого-что, на кого-что* айырбаштоо, алмашуу, алмаштыруу; ◇ **променя́ть куку́шку на я́стреба** *погов.* жаманды андан бетер (барып турган) жаманга алмаштыруу (айырбаштоо).

**ПРОМЕ'Р** *м.* **1.** өлчөө, ченөө; **проме́р реки́** өзөндү өлчөө; **проме́р глубины́ о́зера** көлдүн тереңдигин өлчөө; **2.** (*ошибка при измерении*) өлчөөдө кетирген жаңылыш, өлчөөдө кетирген ката; **проме́р на два сантиме́тра** эки сантиметрге жаңылыш өлчөө.

**ПРОМЕРЗА'ТЬ** *несов. см.* **промёрзнуть.**

**ПРОМЁРЗЛЫЙ,** -ая, -ое тоңгон, муздаган; **промёрзлая земля́** тоңгон жер.

**ПРОМЁРЗНУТЬ** *сов.* **1.** тоңуу, муздоо; **земля́ глубоко́ промёрзла** жердин тоңу абдан калың; **2.** *разг.* (*сильно озябнуть*) абдан үшүү, тоңуу.

**ПРОМЕ'РИВАТЬ** *несов. см.* **проме́рить.**

**ПРОМЕ'РИТЬ** *сов. что* өлчөө, ченөө.

**ПРОМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **проме́рить.**

**ПРОМЕТА'ТЬ** *сов. что* тордоо; **промета́ть пе́тли** топчулук тордоо.

**ПРОМЁТЫВАТЬ** *несов. см.* **промета́ть.**

**ПРОМЕ'ШКАТЬ** *сов. разг.* создуктуруу, созуу, кечиктирүү.

**ПРОМКООПЕРА'ЦИЯ** *ж.* (промысло́вая коопера́ция) промкооперация (промыслолук кооперация).

**ПРОМО'ЗГЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*о воздухе*) көк жыттанган; буксуган (*мис. жер үйдүн абасы*); **2.** (*о погоде*) салкын жана нымдуу; **промо́зглая пого́да** салкын жана нымдуу аба ырайы.

**ПРОМО'ИНА** *ж.* суу жеген чуңкур, аң, суу казган чуңкур.

**ПРОМОКА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **промока́тельная бума́га** соргуч кагаз, сыя соргуч кагаз.

**ПРОМОКА'ТЬ** I *несов.* **1.** *см.* **промо́кнуть; 2.** (*пропускать влагу*) суу өткөрүү; **мой плащ не промока́ет** менин плащым суу өткөрбөйт.

**ПРОМОКА'ТЬ** II *несов. см.* **промокну́ть.**

**ПРОМОКА'ШКА** *ж. разг.* соргуч кагаз, сыя соргуч кагаз, промокашка.

**ПРОМО'КНУТЬ** *сов.* суу болуу, суу өтүү; **пальто́ промо́кло** пальто суу болду; **промо́кнуть до косте́й** суу өтмө катарынан өтүү.

**ПРОМОКНУ'ТЬ** *сов. что* сыя сордуруу.

**ПРОМО'ЛВИТЬ** *сов. что* унчугуу, сөз айтуу; **он сло́ва (ни сло́ва) не промо́лвил** ал бир да сөз айткан жок, ал такыр унчуккан жок.

**ПРОМОЛО'ТЬ** *сов. что* тартып, тарттырып, салдырып бүтүү (*тегирменге*).

**ПРОМОЛЧА'ТЬ** *сов.* **1.** (*какое-л. время*) унчукпай коюу, үндөбөй коюу, унчукпоо, үндөбөө; **2.** (*не ответить*) унчукпоо, жооп бербей коюу.

**ПРОМОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **проморо́зить.**

**ПРОМОРГА'ТЬ** *сов. что, прост.* өткөрүп жиберүү, байкабай калуу, билбей калуу; **я проморга́л удо́бный слу́чай** ыңгайлуу учурду билбей калып, өткөрүп жибердим.

**ПРОМОРИ'ТЬ** *сов. кого чем:* **проморить го́лодом** ачка кылып азап тарттыруу, ачкалыкта кыйноо.

**ПРОМОРО'ЗИТЬ** *сов.* **1.** *что* (*дать замёрзнуть*) үшүтүү, тоңдуруу; **2.** *кого-что, перен.* (*продержать на холоде*) суукка учуратуу, суукта үшүтүү, суукта тоңдуруу.

**ПРОМОТА'ТЬ** *сов. что, разг.* туш келди жогото берүү, чачып түгөтүү (*мис. акчаны*).

**ПРОМОТА'ТЬСЯ** *сов. разг.* колунда болгондун баарын ысырап кылып чачып жок кылуу (*акчаны дүйнөнү*).

www.bizdin.kg

**ПРОМОЧИ'ТЬ** *сов. что* суу өткөрүп алуу, суу кылып алуу; **промочи́ть но́ги** буттарына суу өткөрүп алуу; **промочи́ть сапоги́** өтүктү суу кылып алуу.

**ПРОМТОВА'РНЫЙ,** -ая, -ое **промтовары**-*га т.*; промтовардык; **промтова́рный магази́н** промтовардык магазин.

**ПРОМТОВА'РЫ** *только мн.* (промы́шленные това́ры) өнөр жай товарлары (*мис. кийим-кечек, кездеме ж. б.*).

**ПРОМУ'ЧИТЬ** *сов. кого* кыйноо, кыйнап убара кылуу.

**ПРОМУ'ЧИТЬСЯ** *сов.* кыйналуу, азап чегүү, убара болуу; **прому́читься над реше́нием зада́чи** маселени чечүүдө кыйналып убара болуу.

**ПРОМФИНПЛА'Н** *м.* (промы́шленно-фина́нсовый план) промфинплан (өндүрүштүк-финансылык план).

**ПРОМЧА'ТЬСЯ** *сов.* 1. зырылдаган (зуулдаган) бойдон өтүү, тез кетүү; **по́езд промча́лся, не остана́вливаясь** поезд зырылдаган бойдон токтобостон өтүп кетти; 2. *перен.* көз ачып жумганча, тез өтүү; **ле́то промча́лось незаме́тно** жай билинбей тез өтүп кетти.

**ПРОМЫВА'НИЕ** *ср.* 1. жууш, жууп тазалоо; **промыва́ние желу́дка** *мед.* аш казанды жууп тазалоо; 2. *хим., тех.* чайкоо; **промыва́ние зо́лота** алтынды чайкоо.

**ПРОМЫВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* жууп тазалоодо колдонулуучу (*дары ж. б.*).

**ПРОМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **промы́ть.**

**ПРОМЫ'ВКА** *ж. см.* **промыва́ние 2.**

**ПРО'МЫСЕЛ** *м.* 1. (*занятие по добыче чего-л.*) промысел (*өндүрүш, кесип*); **охо́тничий про́мысел** аңчылык промысели; **рыболо́вный про́мысел** балык кармоо промысели (кесиби); 2. **про́мыслы** *мн.* (*предприятие*) өнөр жай, иштетип чыгаруучу жай; **соляны́е про́мыслы** туз өнөр жайы (*туз кайнатып чыгаруучу жай*); **ры́бные про́мыслы** балык өнөр жайы.

**ПРОМЫ'СЛИТЬ** *сов. разг. уст. см.* **промышля́ть.**

**ПРОМЫСЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое **промысел**-*ге т.*; промыслолук; **промысло́вая коопера́ция** промыслолук кооперация.

**ПРОМЫ'ТЬ** *сов. что* 1. жууш, жууп тазалоо; **промы́ть ра́ну** жараны жууш; **промы́ть желу́док** *мед.* аш казанды жууп тазалоо; 2. (*размыть*) жууп кетүү, оюп кетүү, жеп кетүү; **вода́ промы́ла плоти́ну** суу плотинаны жеп кетти; 3. *хим., тех.* чайкоо; **промы́ть зо́лото** алтынды чайкап алуу.

**ПРОМЫЧА'ТЬ** *сов.* мөөрөө (*уй*); мыңкылдоо.

**ПРОМЫ'ШЛЕННИК** *м.* промышленник, өнөр жай ээси (*капиталисттик өлкөлөрдө — завод-фабрика же өнөр жай ишканасынын ээси*).

**ПРОМЫ'ШЛЕННОСТЬ** *ж.* өнөр жай; **обраба́тывающая промы́шленность** иштетүүчү өнөр жай; **тяжёлая промы́шленность** оор өнөр жай; **лёгкая промы́шленность** жеңил өнөр жай; **основны́е о́трасли промы́шленности** өнөр жайдын негизги тармактары.

**ПРОМЫ'ШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **промышленность**-*ко т.*; өнөр жайлык, өнөр жайлуу; **промы́шленный райо́н** өнөр жайлуу район; **промы́шленное предприя́тие** өнөр жай ишканасы; **рост промы́шленной проду́кции** өнөр жай продукциясынын өсүшү.

**ПРОМЫШЛЯ'ТЬ** *несов. чем, кого-что* кандайдыр бир промысел менен иришүү (*мис. аңчылык*).

**ПРОМЯ'МЛИТЬ** *сов. что, разг.* былдыроо, мыңкылдоо (*кыңк-мыңк этип бирдеме айтуу*).

**ПРОМЯ'ТЬ** *сов. что* кабырып, кабырылтып коюу; **промя́ть бок самова́ра** самоордун капталын кабырылтып коюу; ◇ **промя́ть но́ги** *разг.* буттарды (бир аз басып) жазып алуу.

**ПРОНЕСТИ'** *сов.* 1. *кого-что* көтөрүп жеткирүү, алып баруу (өтүү), көтөрүп өтүү; **пронести́ чемода́н до вокза́ла** чемоданды көтөрүп вокзалга чейин жеткирүү; **по у́лице пронесли́ плака́ты** көчөдөн плакаттарды алып өтүштү; 2. *что* (*угнать*) кубалап кетүү, куул жиберүү, айдап жиберүү (кетүү); **ве́тер пронёс ту́чу** шамал кара булутту айдап кетти; 3. *кого-что, перен.* (*промчать*) тез алып өтүү, зуулдаган бойдон өтүп кетүү; **маши́на пронесла́ нас че́рез центр го́рода** машина зуулдаган бойдон бизди шаардын ортосу менен алып өттү; ◇ **опа́сность пронесло́** *безл.* коркунуч өттү, коркунуч өтүп кетти.

**ПРОНЕСТИ'СЬ** *сов.* 1. (*мимо кого-чего-л.*) зуулдап өтүү; **авто́бус пронёсся по шоссе́** автобус шоссе менен зуулдап өтүп кетти; 2. *перен.* (*миновать*) тез өтүү, бат өтүп кетүү, көз ачып жумганча өтүү; **бы́стро пронесло́сь ле́то** жай тез өтүп кетти; 3. *перен.* (*распространиться*) жайылуу, таралып кетүү; **пронёсся слух** кабар жайылып кетти.

**ПРОНЗА'ТЬ** *несов. см.* **пронзи́ть.**

**ПРОНЗИ'ТЕЛЬНО** *нареч.*: **пронзи́тельно визжа́ть** кулак тундуруп чарылдоо (чыйылдоо).

**ПРОНЗИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. чарылдаган, чыйылдаган, чаңырган, чыңылдак; **пронзи́тельный крик** чаңырган ачуу кыйкырык; 2. (*о глазах, взгляде*) өткүр, тигилген, тиктеген (*көз, караш жөнүндө*).

**ПРОНЗИ'ТЬ** *сов. кого-что* өткөрө (теше) саюу, өткөрө (теше) чанчуу; ◇ **пронзи́ть взгля́дом** *кого-л.* бирөөнү тешe, тиктей кароо, теше тиктөө.

**ПРОНИЗА'ТЬ** *сов. кого-что* өтүп кетүү, жете түшүү; **хо́лод пронизáл всё его́ те́ло** суук анын чучугуна жетти, суук анын өтмө катарына өттү.

**ПРОНИ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **прониза́ть.**

**ПРОНИ'ЗЫВАЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **прони́зывать**; 2. *прил.* өтмө, өтүп кетме, өтмө катардан өтүүчү; **прони́зывающий ве́тер** өтмө катардан өтүүчү шамал; **прони́зывающий хо́лод** сөөктөн өткөн суук; **прони́зывающий взгляд** теше кароо.

**ПРОНИКА'ТЬ** *несов. см.* **прони́кнуть.**

**ПРОНИКА'ТЬСЯ** *несов. см.* **прони́кнуться.**

**ПРОНИКНОВЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*внутрь чего-л.*) кирүү, кирип алуу, өтүп кирүү, түшүү, сиңүү, тароо, жайылуу; 2. *см.* **проникнове́нность.**

**ПРОНИКНОВЕ'ННО** *нареч.* жан-дили менен, бардык алынча, алы-жаны калбай.

**ПРОНИКНОВЕ'ННОСТЬ** *ж.* чын жүрөктөн чыккандык, эриткичтик, таасир кылгычтык.

**ПРОНИКНОВЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое таасирдүү, эриткич, чын жүрөктөн чыккан.

**ПРОНИ'КНУТЬ** *сов.* 1. кирүү, кирип алуу, өтүп кирүү, түшүү; **в ко́мнату прони́к свет** комнатага жарык түштү (кирди); 2. *перен.* (*распространиться, укрепиться*) сиңүү, тароо, жайылуу, кирүү (*идея, көз караш*); 3. *перен.* (*понять, вникнуть*) өздөшүү, тереӊ түшүнүү, билүү; **прони́кнуть в суть де́ла** иштин жайына тереӊ түшүнүү; **прони́кнуть в та́йну** жашырын сырын билүү.

**ПРОНИ'КНУТЬСЯ** *сов. чем* абдан берилүү, тереӊ сезүү, **прони́кнуться созна́нием до́лга** милдеттүү экенин тереӊ сезүү, абдан билүү.

**ПРОНИМА'ТЬ** *несов. см.* **проня́ть.**

**ПРОНИЦА'ЕМОСТЬ** *ж.* өткөргүчтүк.

**ПРОНИЦА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое өткөргүч; **проница́емый для воды́** суу өткөргүч, сууну өткөрүп жибергич; **проница́емый для све́та** жарык өткөргүч.

**ПРОНИЦА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* байкагычтык, тез түшүнгүчтүк, тез баамдагычтык, көрөгөчтүк, акылдуулук.

**ПРОНИЦА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тез түшүнгүч, тез баамдагыч, көрөгөч, байкагыч.

**ПРОНОСИ'ТЬ** I *несов. см.* **пронести́.**

**ПРОНОСИ'ТЬ** II *сов. что* 1. кийүү, кийип жүрүү; **до́лго проноси́ть костю́м** костюмду көпкө чейин кийүү; 2. (*износить до дыр*) кийип жыртуу, кийип тоздуруу.

**ПРОНОСИ'ТЬСЯ** I *несов. см.* **пронести́сь.**

**ПРОНОСИ'ТЬСЯ** II *сов.* 1. (*пробыть в носке*) кийилүү, кийилип жүрүү; 2. (*износиться*) кийиле берип жыртылуу, тозуу.

**ПРОНУМЕРОВА'ТЬ** *сов. что* номердөө, номер коюу, номер коюп чыгуу, номер салуу.

www.bizdin.kg

**ПРОНЫ'РА** *м. и ж. разг.* айлакер, куу, ичи-коюнга кирген (*киши*).

**ПРОНЫ'РЛИВОСТЬ** *ж. разг.* айлакердик, куулук, ичи-коюнга кирип алууга эпчилдик.

**ПРОНЫ'РЛИВЫЙ**, -ая, -ое *разг.* айлакер, куу, ичи-коюнга кирген.

**ПРОНЮ'ХАТЬ** *сов. что, о ком-чём, разг.* шыбышын билүү, кабарын билүү, дайынын билип алуу, чет-жакасын билип калуу.

**ПРОНЮ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **пронюхать.**

**ПРОНЯ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* абдан таасир кылуу; **его́ слова́ми не проймёшь** ага сөз менен таасир кыла албайсың; **хо́лод меня́ про́нял** суук сай-сөөгүмдү какшатып жиберди.

**ПРОО'БРАЗ** *м.* прообраз (*келечекке-үлгү, өрнөк болуучу нерсе*).

**ПРОПАГА'НДА** *ж.* пропаганда; **парти́йная пропага́нда** партиялык пропаганда.

**ПРОПАГАНДИ'РОВАТЬ** *несов. что* пропагандалоо; **пропаганди́ровать о́пыт передовико́в произво́дства** өндүрүштүн алдыңкыларынын тажрыйбасын пропагандалоо.

**ПРОПАГАНДИ'СТ** *м.* пропагандист.

**ПРОПАГАНДИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое **пропагандист**-*ке т.*; пропагандисттик.

**ПРОПАДА'ТЬ** *несов. см.* **пропа́сть;** ◇ **где на́ше не пропада́ло!** *разг.* мейли, эмне болсо, ошо болсун!, мейли, кайда калбаган дүнүйө!

**ПРОПА'ЖА** *ж.* 1. (*исчезновение, потеря*) жоголуу, житүү, дайынсыз болуп кетүү; 2. *разг.* (*пропавший предмет*) жоголгон, житкен нерсе, жок; **пропа́жа нашла́сь** жоголгон табылды, жок табылды.

**ПРОПА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **пропо́лоть.**

**ПРОПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **пропа́рить.**

**ПРОПА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пропа́риться;** 2. *страд. к* **пропа́ривать.**

**ПРОПА'РИТЬ** *сов. что* жеткире бууга кармоо, жеткире демдөө (*мис. күрүчтү*).

**ПРОПА'РИТЬСЯ** *сов.* 1. (*напр. о рисе*) жеткире бууга кармалуу, жеткире демделүү (*мис. күрүч*); 2. (*напр. в бане*) шыпыргы менен чабынуу (*мис. мончодо*).

**ПРО'ПАСТЬ** *ж.* 1. (*обрыв, бездна*) түпсүз жар, түпсүз аң, туңгуюк; **доро́га над про́пастью** түпсүз жардын үстүндөгү жол; **на краю́ про́пасти** 1) жардын жээгинде; 2) *перен.* коркунучтун, кыйроонун алдында; **ме́жду ни́ми легла́ про́пасть** *перен.* алардын арасына чоң араздык түштү; **толка́ть в про́пасть** 1) жардан алыс түртүп жиберүү; 2) *перен.* бүлгүнгө учуратуу; 2. *перен. разг.* (*множество*) абдан көп, сан жеткис, чачтан да көп, мол, толуп жаткан; **у меня́ про́пасть дел** менин ишим чачтан да көп; **собрала́сь про́пасть наро́ду** толуп жаткан (сан жеткис) эл чогулду.

**ПРОПА'СТЬ** *сов.* 1. (*затеряться*) жоголуу, житүү, дайынсыз болуп кетүү, кабарсыз жоголуу; **пропа́л докуме́нт** документ жоголду; **куда́ ты пропа́л на це́лую неде́лю?** сен бир жумага чейин көрүнбөй кайда жоголуп кеттиң?; **пропа́сть бе́з вести** дайынсыз жоголуу, дарексиз жок болуу, дарексиз жоголуу; 2. (*утратиться*) жоголуу, келбей калуу, такыр жоголуу; **зре́ние пропа́ло** көз көрбөй калды; **пропа́ло вся́кое жела́ние идти́** барууга такыр көңүл келбей калды; 3. (*погибнуть*) кууроо, солуу, бүтүү, жоюлуу; **цветы́ пропа́ли от моро́за** гүлдөр суукка үшүп кетти; 4. (*пройти бесполезно*) куру бекер өтүү, өлүү; **ва́ша рабо́та не пропадёт** сиздин жумушуңуз өлбөйт; **це́лый час у меня́ пропа́л да́ром** менин бир саат убакытым бекер кетти; ◇ **пиши́ пропа́ло!** *разг.* «болбой калды!» дей бер; «иш оңунан чыкпады!» дей бер.

**ПРОПАХА'ТЬ** *сов. что* айдоо, жерди айдап коюу; **пропаха́ть по́ле** талааны айдоо; **пропаха́ть до са́мого ве́чера** кеч киргенге чейин айдоо.

**ПРОПА'ХИВАТЬ** *несов. см.* **пропаха́ть.**

**ПРОПА'ХНУТЬ** *сов. чем* жыттануу, ис келүү; **шу́ба пропа́хла нафтали́ном** тон нафталин жыттанып калыптыр.

**ПРОПА'ШКА** *ж.* айдоо (*жерди*).

**ПРОПА'ШНИК** *м. с.-х.* пропашник (*топуракты жумшартуучу жана өсүмдүктөрдүн арасындагы отоо чөптөрдөн тазалоочу курал*).

**ПРОПАШНО'Й**, -а́я, -о́е 1. (*служащий для пропашки*) айдоочу, айдай турган; **пропашно́е ору́дие** жер айдай турган шайман; 2. (*требующий пропашки*) жумшартууну, чабыкты талап кыла турган (*мис. кызылча*).

**ПРОПА'ШНЫЙ**, -ая, -ое *см.* **пропашно́й.**

**ПРОПА'ЩИЙ**, -ая, -ее *разг.* бүтүүгө, жоголууга, түгөнүүгө бет алган (*безнадёжный*); оңбой калган, эч нерсе чыкпай турган, бузулган (*неисправимый*); болбогон, ордунан чыкпай турган, ордуна келбей турган, берекесиз (*напрасный*); **пропа́щее де́ло** берекесиз иш, ордуна келбей турган иш; **пропа́щий челове́к** бузулуп, сандан чыккан адам.

**ПРОПЕКА'ТЬ** *несов. см.* **пропе́чь.**

**ПРОПЕКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пропе́чься;** 2. *страд. к* **пропека́ть.**

**ПРОПЕ'ЛЛЕР** *м.* пропеллер (*самолёттун, аэрочананын ж. б. алдыңкы дилдиреги*).

**ПРОПЕ'ТЬ** *сов. что* 1. (*о человеке*) ырдоо; **гро́мко пропе́ть пе́сню** катуу ырдоо; 2. (*о птицах*) сайроо; кыйкыруу (*о петухе*); **петухи́ уже́ пропе́ли** короздор эчак эле кыйкырышты; ◇ **пропе́ть го́лос** *разг.* үнүнөн ажыроо, үнүн жоготуу, үнү бүтүү (*ырдай берип*).

**ПРОПЕЧА'ТАТЬ** *сов.* 1. *кого-что, разг.* (*предать гласности*) жазып жарыялоо, жазып коюу; **его́ пропеча́тали в газе́те** аны сындап газетага жазып коюшуптур; 2. *что* (*какое-л. время*) басуу, баса берүү (*белгилүү бир убакытка чейин*).

**ПРОПЕЧА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **пропеча́тать** 1.

**ПРОПЕЧЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **пропе́чь;** 2. *прил.* бышкан; **хорошо́ пропечённый хлеб** жете бышкан нан.

**ПРОПЕ'ЧЬ** *сов. что* жете бышыруу, абдан бышыруу; **пропе́чь хлеб** нанды жете бышыруу.

**ПРОПЕ'ЧЬСЯ** *сов.* бышырылуу, абдан бышырылуу (*мис. нан*).

**ПРОПИВА'ТЬ** *несов. см.* **пропи́ть.**

**ПРОПИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **пропили́ть.**

**ПРОПИЛИ'ТЬ** *сов. что* таарып тешик чыгаруу, таарып кесүү.

**ПРОПИСА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* каттоо, каттатуу, жазуу, жаздыруу; **прописа́ть па́спорт в мили́ции** паспортту милицияда жаздыруу (каттатуу); 2. *что* (*назначить*) дайындоо, жазып берүү; **прописа́ть больно́му лека́рство** оорукчишиге дары жазып берүү; 3. *что* (*писать какое-л. время*) жазуу (*белгилүү убакытка чейин*).

**ПРОПИСА'ТЬСЯ** *сов.* катталуу, жазылуу; **прописа́ться на но́вой кварти́ре** жаңы квартирага жазылуу (катталуу).

**ПРОПИ'СКА** *ж.* 1. прописка, жазуу, каттоо, каттатуу, жазылуу, катталуу; 2. (*пометка*) каттаган, жазган белги (*паспорттогу белги*).

**ПРОПИСНО'Й**, -а́я, -о́е: **прописна́я бу́ква** баш тамга, чоң тамга; **прописна́я и́стина** айтыла жүргөн, баарыга белгилүү чындык.

**ПРОПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **прописа́ть.**

**ПРОПИ'СЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прописа́ться;** 2. *страд. к* **пропи́сывать.**

**ПРО'ПИСЬ** *ж.* (*образцы написания букв*) куш кат нускасы, үлгүсү; **учи́ться писа́ть по про́писям** ариптерди нускага, үлгүгө карап куш кат кылып жазууга үйрөнүү.

**ПРО'ПИСЬЮ** *нареч.*: **написа́ть число́ про́писью** санды сөз менен жазуу (*цифра менен эмес*).

**ПРОПИТА'НИЕ** *ср.* оокат, азык, тамак.

www.bizdin.kg

**ПРОПИТА'ТЬ** I *сов. кого-что, уст.* (*прокормить*) азык берүү, багуу.

**ПРОПИТА'ТЬ** II *сов. что* сиңдирүү, жуткуруу; **пропитáть тряпку мáслом** чүпүрөккө май сиңдирүү.

**ПРОПИТА'ТЬСЯ** *сов.* өзүнө сиңирүү.

**ПРОПИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **пропитáть** II.

**ПРОПИ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **пропитáться**; 2. *страд. к* **пропитывать.**

**ПРОПИ'ТЬ** *сов. что* ичкиликке сарп кылуу (*акчаны*); ичкилик ичип жоготуу; **пропи́ть гóлос** *разг.* ичкилик ичип үнүн жоготуу (*үнү чыкпай калуу*); **пропи́ть талáнт** *разг.* ичкилик ичип талантынан ажыроо.

**ПРОПИХА'ТЬ** *сов. см.* **пропихнýть.**

**ПРОПИ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **пропихнýть.**

**ПРОПИХНУ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* итерип, күч менен түртүп киргизүү, өткөрүү.

**ПРОПИЩА'ТЬ** *сов.* 1. (*издать писк*) кыңылдоо (*напр. о ребёнке*); чыйылдоо (*напр. о птенцах*); 2. *разг.* чыйылдап, чыркырап, чар-чур этип сүйлөө.

**ПРОПЛА'ВАТЬ** *сов.* сүзүп жүрүү (*белгилүү убакыттын ичинде*).

**ПРОПЛА'КАТЬ** *сов.* ыйлоо (*бир канча убакыт*); ◇ **проплáкать все глазá** *разг.* ыйлай берип, көзгө зыян келтирүү.

**ПРОПЛЕ'СНЕВЕТЬ** *сов.* абдан көгөрүп кетүү, көгөрүп железеп калуу, көк заңкер басуу.

**ПРОПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **проплы́ть.**

**ПРОПЛЫ'ТЬ** *сов.* 1. *что* сүзүү, сүзүп өтүү, сүзүп баруу; **проплы́ть по Вóлге до Сталингрáда** Волга менен Сталинградга чейин сүзүп баруу; **проплы́ть ми́мо при́стани** пристандын жанынан сүзүп өтүү; 2. (*пройти медленной и важной походкой*) көйкөлүп жай басып өтүү; 3. *перен.* эске түшүү, элестелип өтүү.

**ПРОПЛЯСА'ТЬ** *сов. что* 1. бийлөө; **проплясáть рýсскую** орус бийин бийлеп берүү; 2. (*какое-л. время*) бийлей берүү; **проплясáть всю ночь** түн бою (таң атканча) бийлеп чыгуу.

**ПРОПОВЕ'ДНИК** *м.* 1. *рел.* диний үгүттөөчү; 2. *перен.* үгүттөөчү, таратуучу (*идеяны, көз караштарды таратуучу*).

**ПРОПОВЕ'ДНИЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **проповедник**-*ке т.*

**ПРОПОВЕ'ДОВАТЬ** *несов. что* 1. *рел.* динге үгүттөө; 2. *перен.* үгүт таратуу, насыят таратуу (*бир окууну, көз караштарды*).

**ПРО'ПОВЕДЬ** *ж.* 1. *рел.* үгүт (*диний идеяны элге таратуу*); 2. *перен. разг.* (*нравоучение*) акыл үйрөтүү, насыят үйрөтүү; **что вы мне прóповеди читáете?** сиз эмне мага акыл үйрөтөсүз?; 3. *перен.* (*проповедование*) үгүт (*бир идеяны элге таратуу*).

**ПРОПО'ЙЦА** *м. разг.* барып турган пьянкеч.

**ПРОПОЛА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **прополоскáть.**

**ПРОПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **проползти́.**

**ПРОПОЛЗТИ'** *сов.* 1. *что* сойлоп жүрүү, боору менен жылып отуруу; 2. *разг.* (*заползти*) жылып кирүү, сойлоп кирүү, өрмөлөп кирүү.

**ПРОПО'ЛКА** *ж. с.-х.* отоо, отоо чөптү отоо.

**ПРОПОЛОСКА'ТЬ** *сов. что* чайкоо; **прополоскáть бельё** кирди чайкоо; **прополоскáть гóрло** тамакты чайкоо.

**ПРОПОЛО'ТЬ** *сов. что* отоо, отоо чөптү отоо.

**ПРОПО'ЛОЧНЫЙ**, -ая, -ое **прополка**-*га т.*

**ПРОПОРО'ТЬ** *сов. что, разг.* (*прорезать насквозь*) жара кесүү, жара тешүү.

**ПРОПОРЦИОНА'ЛЬНО** *нареч.* пропорциялуу.

**ПРОПОРЦИОНА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* пропорциялуулук (*сымбаттуулук, келишимдүүлүк*).

**ПРОПОРЦИОНА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*соразмерный*) пропорциялуу (*сымбаттуу, келишимдүү*); **пропорционáльное телосложéние** пропорциялуу (*сымбаттуу*) дене түзүлүш; 2. (*соответствующий*) жараша; **вес пропорционáльный рóсту** салмагы боюна жараша; 3. *мат.* пропорциялуу; **прямо пропорционáльный** туура пропорциялуу; **обрáтно пропорционáльный** тескери пропорциялуу

**ПРОПО'РЦИЯ** *ж.* 1. (*соразмерность*) пропорция (*бөлүктөрдүн бир-бирине шайкеш келиши*); 2. *мат.* пропорция (*эки катыштын бир-бирине теңдиги*); **геометри́ческая пропóрция** геометриялык пропорция; **арифмети́ческая пропóрция** арифметикалык пропорция.

**ПРОПОТЕ'ТЬ** *сов.* 1. тердөө, абдан тердөө, тер куюлуу; **пропотéть в бáне** мончодо көл-шал болуп тердөө; 2. *перен. разг.* тердөө, кара терге түшүү, тер куюлуу; **пропотéть над задáчей** маселе чыгарамын деп кара терге түшүү.

**ПРО'ПУСК** *м.* 1. (*впуск*) жиберүү, киргизүү, өткөрүү, коё берүү; **приостанови́ть прóпуск в зал** залга киргизүүнү токтотуу; 2. (*мн.* **пропускá**) (*документ*) пропуск (*кирүүгө, өтүүгө укук берүүчү документ*); **предъяви́ть прóпуск** пропусканы көрсөтүү; **вход по пропускáм** пропуск боюнча кирүү; 3. (*мн.* **прóпуски**) (*непосещение*) барбай калуу, катышпоо, келбей калуу; **посещáть лéкции без прóпусков** лекциялардан калбай катышуу; 4. (*мн.* **прóпуски**) (*напр. в тексте*) калтыруу, толтурулбаган, аттап кеткен; **читáть с прóпусками** аттатып окуу; 5. (*мн.* **пропускá**) *воен.* (*пароль*) пропуск.

**ПРОПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **пропусти́ть.**

**ПРОПУСКНО'Й**, -áя, -óе: **пропускнáя бумáга** суу кагаз, сыя соргуч кагаз, соргуч; **пропускнáя спосóбность** өткөрө алгычтык, өндүрө алгычтык, тейлей алгычтык (*мис. заводдун, столовая*нын, *жолдун*).

**ПРОПУСТИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*дать проникнуть*) өткөрүү, сиңирүү, өзүнө жиберүү; **бумáга пропусти́ла черни́ла** кагаз сыяны өткөрүп жиберди; 2. *кого-что, перен.* (*обслужить, обработать*) өткөрүү, тейлөө; **столóвая пропусти́ла ты́сячу посети́телей** столовая (ашкана) миң кишини тамактандырып тейледи; 3. *что* (*через что-л.*) өткөрүү; **пропусти́ть лéнту чéрез пéтлю** лентаны илмектен өткөрүү; **пропусти́ть мя́со чéрез мясорýбку** этти эт тарткыч машинеден өткөрүү; 4. *кого-что* (*дать дорогу, разрешить проход*) өткөрүү, жол берүү, жиберүү, коё берүү, киргизүү; **пропусти́ть детéй вперёд** балдарды алдыга өткөрүү; **пропусти́ть зри́телей в зал** көрүүчүлөрдү залга коё берүү; 5. *что* (*сделать пропуск*) калтыруу, таштап кетүү, аттап кетүү; **пропусти́ть однó слóво при чтéнии** окуп жатканда бир сөздү таштап кетүү; 6. *что* (*не явиться куда-л.*) катышпай калуу, келбей калуу; **пропусти́ть две лéкции** эки лекцияга катышпай калуу; 7. *что* (*упустить*) өткөрүп жиберүү, пайдалана албай калуу; **пропусти́ть удóбный слýчай** ыңгайлуу учурду өткөрүп жиберүү; ◇ **пропусти́ть ми́мо ушéй** *разг.* кулактын сыртынан кетирүү.

**ПРОПЫЛИ'ТЬСЯ** *сов.* абдан чаң болуу.

**ПРОПЬЯ'НСТВОВАТЬ** *сов.* ичкилик иче берүү, ичкилик ичип жүрө берүү.

**ПРОРА'Б** *м.* (производи́тель рабóт) прораб (*иш жүргүзүүчү, иш башкарып туруучу киши*).

**ПРОРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **прорабóтать** 2, 3.

**ПРОРАБО'ТАТЬ** *сов.* 1. (*какое-л. время*) иштөө (*белгилүү бир убакытка чейин*); **прорабóтать на завóде пять лет** заводдо беш жыл иштөө; 2. *что* (*изучить, ознакомиться*) окуп, иштеп чыгуу; окуп чыгып түшүнүү; 3. *кого-что, перен. разг.* (*подвергнуть критике*) сынга алуу, талкуулоо.

**ПРОРАБО'ТКА** *ж.* 1. (*изучение, ознакомление*) иштеп чыгуу, окуп чыгып түшүнүү; 2. *перен. разг.* сынга алуу, талкуулоо.

**ПРОРАСТА'НИЕ** *ср.* өнүп чыгуу, өсүп чыгуу; **прорастáние семя́н** уруктун өнүп чыгышы.

**ПРОРАСТА'ТЬ** *несов. см.* **прорасти́.**

**ПРОРАСТИ'** *сов.* 1. (*дать росток*) өнүп чыгуу, өсүп чыгуу; **огурцы́ проросли́** бадырaңдар өнүп чыкты; 2. (*сквозь что-л.*) тешип чыгуу, жарып чыгуу, өсүп өтүү;

www.bizdin.kg

**сквозь песо́к и ка́мни проросла́ трава́** кумду жарып, таштын арасынан чөп чыкты.

**ПРОРАСТИ'ТЬ** *сов. что* өстүрүү, өндүрүү.

**ПРОРА'ЩИВАТЬ** *несов. см.* **прорасти́ть.**

**ПРО'РВА** *ж. разг.* сансыз көп, абдан көп, мол, эң эле түгөнгүс.

**ПРОРВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*продырявить*) айруу, жыртуу, тешип жыртуу; 2. (*напором воды*) жыруу, жеп кетүү, жырып кетүү; **прорва́ть плоти́ну** плотинаны жеп кетүү (*суу*); 3. *воен.* жарып кирүү, жиреп кирүү, жарып өтүү, жиреп өтүү, жырып өтүү; **прорва́ть ли́нию оборо́ны проти́вника** душмандын коргонуу чегин жарып өтүү; 4. *безл. разг.* чыдатпай кыжырын кайнатуу; **он до́лго молча́л, но тут и его́ прорва́ло** ал көпкө чейин унчукпай турду эле, бирок эми чыдай албай кыжыры кайнап кетти.

**ПРОРВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*продырявиться*) айрылуу, жыртылуу, тешилүү; **руба́шка прорвала́сь** көйнөк айрылып калды; 2. (*от напора воды*) жырылуу, алып кетүү, жеп кетилүү; **плоти́на прорвала́сь** плотина жырылып бузулду, плотинаны суу жеп кетти; 3. (*лопнуть*) жарылуу, тешилүү; **нары́в прорва́лся** шишик жарылды, 4. (*проложить себе путь*) жиреп чыгуу, жарып чыгуу, бузуп чыгуу; **прорва́ться из вра́жеского окруже́ния** душмандын курчоосун бузуп чыгуу.

**ПРОРЕДИ'ТЬ** *сов. что, с.-х.* суюлтуу, сейректетүү, сейрек кылуу; **прореди́ть хло́пок** пахтаны суюлтуу.

**ПРОРЕ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **прореди́ть.**

**ПРОРЕ'З** *м.* оюк, кесик.

**ПРОРЕ'ЗАТЬ** *сов. что* 1. кыюу, кесип ташгоо, кесип тешүү, кыйып тешүү, кесип оюу (*мис. кийимдин жеңин*); **проре́зать отве́рстие** *в чём-л.* *бир нерсени* кесип тешик чыгаруу; 2. *перен.* (*пересечь, пройти*) кесип өтүү (*мис. жол, канал*).

**ПРОРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **проре́зать.**

**ПРОРЕ'ЗАТЬСЯ** *сов.* (*о зубах*) чыгуу, кылтаюу, жарылуу (*баланын тиши*).

**ПРОРЕЗА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **проре́заться;** 2. *страд. к* **прореза́ть.**

**ПРОРЕЗИ'НЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **прорези́нить;** 2. *прил.* резиналаштырылган, резина сиңдирилген; **прорези́ненная ткань** резина сиңдирилген кездеме.

**ПРОРЕЗИ'НИВАТЬ** *несов. см.* **прорези́нить.**

**ПРОРЕЗИ'НИТЬ** *сов. что, тех.* резина сиңдирүү, резиналоо; **прорези́нить ткань** кездемени резиналоо.

**ПРОРЕЗИ'НИТЬСЯ** *сов. тех.* резиналашуу, резина сиңдирилүү.

**ПРОРЕЗНО'Й,** -а́я, -о́е: **прорезно́й карма́н** тилинип жасалган чөнтөк.

**ПРОРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **проре́зать.**

**ПРОРЕ'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **проре́заться;** 2. *страд. к* **проре́зывать.**

**ПРО'РЕЗЬ** *ж.* жырык, кесилген тешик.

**ПРОРЕ'КТОР** *м.* проректор (*ректордун жардамчысы*).

**ПРОРЕ'ХА** *ж.* 1. (*дыра*) жыртык, тешик; 2. *разг.* (*у брюк*) шымдын алдыңкы топчулама тилик тешиги; 3. *перен. разг.* (*упущение*) кемтик, кемчилик.

**ПРОРЕЦЕНЗИ'РОВАТЬ** *сов. что* рецензия жазуу, рецензиялоо.

**ПРОРЖА'ВЕТЬ** *сов.* дат басып бузулуу, дат каптап калуу.

**ПРОРИЦА'НИЕ** *ср. уст.* кайыптан кабар берүү, көзү ачыктык кылуу.

**ПРОРИЦА'ТЕЛЬ** *м. уст.* кайыптан кабар берүүчү, көзү ачыктык кылуучу.

**ПРОРИЦА'ТЬ** *несов. что, уст.* кайыптан кабар берүү, көзү ачыктык кылып айтуу.

**ПРОРО'К** *м.* пайгамбар.

**ПРОРОНИ'ТЬ** *сов. что:* **не пророни́ть ни сло́ва (ни зву́ка)** бир ооз сөз да айтпоо, үндөбөө, дымын чыгарбоо.

**ПРОРО'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **пророк**-*ко т*; 2. *перен.* алдын ала билип айтылган; **проро́ческие слова́** күн мурун билип айткан сөздөр.

**ПРОРО'ЧЕСТВО** *ср.* 1. пайгамбардык; 2. *перен.* алдын ала айткандык, күн мурун билип айткандык.

**ПРОРО'ЧЕСТВОВАТЬ** *несов.* 1. пайгамбардык кылуу; 2. *перен.* (*предсказывать*) алдын ала айтуу, күн мурун билип айтуу.

**ПРОРО'ЧИТЬ** *несов. что* олуялык кылуу, күн мурун билип айтуу.

**ПРОРУБА'ТЬ** *несов. см.* **прорубить.**

**ПРОРУБИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*вырубить отверстие*) кесип, чаап тешүү, оюу; 2. (*образовать проход*) чаап жол салуу, кесип (кыйып) жол салып алуу; **проруби́ть доро́гу в лесу́** токойдо жыгачтарды кесип жол салуу, токойду кыйып жол салуу.

**ПРОРУБИ'ТЬСЯ** *сов.* кесип жол салып алуу, жарып өтүү; **проруби́ться сквозь ча́щу дере́вьев** чытырман токойду кесип отуруп жол салып өтүү; **ко́нница проруби́лась сквозь ряды́ неприя́теля** атчан аскерлер душмандарды кылыч менен чаап отуруп, алардын катарын жарып өтүштү.

**ПРО'РУБЬ** *ж.* муз тешиги (*суу алуу үчүн же балык кармоо үчүн атайы жасалган тешик*).

**ПРОРУ'ХА** *ж. обл.* жол болбоо, жаңылыштык, ката кетирүү, кырсык, кемчилик; ◇ **и на стару́ху быва́ет прору́ха** *посл.* жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.

**ПРОРЫ'В** *м.* 1. жыруу, жырып кетүү, бузуп кетүү, жеп кетүү, жарып кирүү, жиреп кирүү; **проры́в плоти́ны** плотинанын жырылышы (бузулушу); 2. *воен.* жарып кирүү, жиреп кирүү, жарып өтүү, жиреп өтүү, жырып өтүү, жарып чыгуу, жирeп чыгуу, бузуп чыгуу; 3. (*место, где прорвано*) жырылган жер, жирелген жер, бузулган жер; **заде́лать проры́в в плоти́не** плотинадагы жырылган жерди бүтөө; 4. *перен.* (*невыполнение в срок*) үзгүлтүк; **ликвиди́ровать проры́в** үзгүлтүктү жоюу.

**ПРОРЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **прорва́ть.**

**ПРОРЫВА'ТЬ** II *несов. см.* **проры́ть.**

**ПРОРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **прорва́ться;** 2. *страд. к* **прорыва́ть** I.

**ПРОРЫ'ТЬ** *сов. что* казуу, казып оюу, тешүү; **проры́ть тонне́ль** тоннель казуу.

**ПРОРЫЧА'ТЬ** *сов.* ыркыроо, ыркырап жиберүү (*мис. жолборс, ит*).

**ПРОСАДИ'ТЬ** *сов. что, прост.* (*израсходовать*) сарп кылуу, жоготуу, чыгым болуу, жок кылуу.

**ПРОСА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **просади́ть.**

**ПРОСА'ЛИВАТЬ** I *несов. см.* **просоли́ть.**

**ПРОСА'ЛИВАТЬ** II *несов. см.* **проса́лить.**

**ПРОСА'ЛИВАТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **просоли́ться;** 2. *страд. к* **проса́ливать** I.

**ПРОСА'ЛИВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **проса́литься;** 2. *страд. к* **проса́ливать** II.

**ПРОСА'ЛИТЬ** *сов. что* майга салуу, майланыштыруу.

**ПРОСА'ЛИТЬСЯ** *сов.* майга салынуу, майланышуу.

**ПРОСА'ЧИВАНИЕ** *ср.* жыбылжып кирүү (өтүү), жылжып куюлуу.

**ПРОСА'ЧИВАТЬСЯ** *несов. см.* **просочи́ться.**

**ПРОСВА'ТАТЬ** *сов. кого, уст.* кайындоо (*кызды*).

**ПРОСВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **просва́тать.**

**ПРОСВЕ'РЛИВАТЬ** *несов. см.* **просверли́ть.**

**ПРОСВЕРЛИ'ТЬ** *сов. что* бурап тешүү, көзөө, оюп чыгуу.

**ПРОСВЕ'Т** *м.* 1. жарык болуп турган тилке, көрүнөө жер, ачык жер, жылчык, жарака; **просве́т ме́жду дере́вьями** жыгачтардын арасындагы ачык көрүнүш; 2. *перен.* (*облегчение, улучшение*) жакшылык, жарыкчылык; 3. *архит.* эшик, терезенин эни; **просве́т окна́ ра́вен ме́тру** терезенин эни бир метрге барабар.

www.bizdin.kg

**ПРОСВЕТИ'ТЕЛЬ** *м.* агартуучу (*элге агартуу ишин таратуучу*).

**ПРОСВЕТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **просвещение**-*ге т.*; агартуучу.

**ПРОСВЕТИ'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **просветительство**-*го т.*

**ПРОСВЕТИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* билим жана маданият жаюучулук.

**ПРОСВЕТИ'ТЬ** I *сов. кого-что* агартуу (*маалымат берүү, окутуу*).

**ПРОСВЕТИ'ТЬ** II *сов. что* 1. жарыкка салуу, жарык өткөрүү (*арасынан*); **просвети́ть кури́ное яйцо́** тооктун жумурткасын жарыкка салып көрүү; 2. (*с помощью рентгена*) рентгенге салып кароо, көрүү; **просвети́ть лёгкие больно́го** оорулуу кишинин өпкөсүн рентгенге салып кароо.

**ПРОСВЕТИ'ТЬСЯ** I *сов.* (*получить знания*) билим алуу; билимдүү, маалыматтуу болуу.

**ПРОСВЕТИ'ТЬСЯ** II *сов.* (*подвергнуться просвечиванию*) жарыкка салып көрүлүү, жарыкка салып каралуу.

**ПРОСВЕТЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*состояние*) жарык болуу, шоола түшүү; 2. *перен.* (*ясность сознания*) көңүлү сергек болуу, акыл-эси ордуна келүү; **в созна́нии больно́го наступи́ло просветле́ние** оорулуу адамдын акыл-эси ордуна келди.

**ПРОСВЕТЛЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*стать светлее*) жарык болуу, жарык боло баштоо, шоола түшүү; **не́бо просветле́ло** асман жарык болуп калды; 2. *перен.* кабагы ачылуу, өңүнө кирүү.

**ПРОСВЕ'ЧИВАНИЕ** *ср.* рентгенге салып кароо, көрүү; **просве́чивание лёгких** өпкөнү рентгенге салып кароо; **просве́чивание мета́лла** металлды рентгенге салып көрүү.

**ПРОСВЕ'ЧИВАТЬ** *несов.* 1. *см.* **просвети́ть** II; 2. (*светиться сквозь что-л.*) жарык түшүү, тийүү; 3. (*видеться*) көрүнүү; **сквозь кру́жево просве́чивает голуба́я мате́рия** кружевонун арасынан көк материя көрүнүп турат.

**ПРОСВЕ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **просвети́ться** II; 2. *страд. к* **просве́чивать** 1.

**ПРОСВЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **просвети́ть** I.

**ПРОСВЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **просвети́ться** I; 2. *страд. к* **просвеща́ть.**

**ПРОСВЕЩЕ'НИЕ** *ср.* агартуу; **полити́ческое просвеще́ние наро́дных масс** эл массаларын саясий жактан агартуу; **министе́рство просвеще́ния** агартуу министерствосу.

**ПРОСВЕЩЁННОСТЬ** *ж.* билимдүүлүк, маалыматтуулук.

**ПРОСВЕЩЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **просвети́ть** I; 2. *прил.* билимдүү, окуган, маалыматтуу; **просвещённый челове́к** билимдүү киши.

**ПРОСВИСТЕ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*свистнуть*) ышкыруу; 2. (*при дуновении или полёте*) зуулдоо, чуулдоо, ышкырып өтүү; **над голово́й просвисте́ла пу́ля** баштан алыс ок зуулдап өтүп кетти.

**ПРОСЕВА'ТЬ** *несов. см.* **просе́ять.**

**ПРОСЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **просе́яться;** 2. *страд. к* **просева́ть.**

**ПРО'СЕДЬ** *ж.* сакалдын *же* чачтын агы; **борода́ с про́седью** агы бар сакал, көк ала сакал, ак кирген сакал.

**ПРОСЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **просе́ять.**

**ПРОСЕ'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **просе́яться;** 2. *страд. к* **просе́ивать.**

**ПРО'СЕКА** *ж.* токойдогу жол (*жыгачтары кесилип салынган жол*).

**ПРОСЁЛОК** *м.* кыштактар арасындагы жол (*кара жол эмес*).

**ПРОСЁЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **просёлочная доро́га** кыштактар арасындагы жол (*кара жол эмес*).

**ПРОСЕ'ЯТЬ** *сов. что* элөө, элеп коюу, ыргоо; **просе́ять муку́** унду элөө; **просе́ять песо́к** кумду ыргоо.

**ПРОСЕ'ЯТЬСЯ** *сов.* эленүү, калбырлануу; электен, калбырдан өтүү.

**ПРОСИДЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*в течение какого-л. времени*) отура берүү, бир канча убакыт отуруу; **просиде́ть всю ночь у посте́ли больно́го** таң атканча оорулуу адамдын жанында отуруу; 2. *что, разг.* отура берип былчыйтып салуу (*продавить*); отура берип жыртуу, отура берип тешүү (*протереть*); **просиде́ть кре́сло** креслону отура берип былчыйтып салуу; **просиде́ть брю́ки** отура берип шымды жыртып, тешип алуу.

**ПРОСИ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **просиде́ть; проси́живать часа́ми (по це́лым часа́м)** бир нече саат бою отура берүү.

**ПРОСИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* сурануучу, өтүнүүчү, арыздануучу (*киши*).

**ПРОСИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **проси́тель.**

**ПРОСИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое суранган, жалынган, өтүнгөн; **проси́тельным то́ном** суранган үн менен.

**ПРОСИ'ТЬ** *несов.* 1. *что, чего* суроо, өтүнүү; **проси́ть разреше́ния** уруксат суроо; **проси́ть извине́ния** кечирим суроо; **проси́ть сове́та** кеңеш суроо; **проси́ть ми́лостыню** кайыр суроо; **проси́ть пить** суусун суроо; **прошу́ не беспоко́иться** убара болбооңузду сурайм; 2. *о ком-чём, за кого* (*хлопотать*) өтүнүү; **проси́ть за това́рища** жолдошу үчүн өтүнүү; 3. *кого* (*приглашать*) чакыруу, өтүнүү; **проси́ть госте́й к столу́** коноктордун ашка отургузуу; ◇ **проси́ть сло́ва** сөз суроо (*чогулушта*); **проси́ть руки́** *уст.* күйөөгө чыгууга макулдугун суроо; **прошу́ вас** сизден өтүнөм (*отурууга, үйгө кирүүгө, чыгууга ж. б.*).

**ПРОСИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. сурануу, суроо, өтүнүү; **проси́ться в о́тпуск** отпуск суроо; 2. *перен. разг.* (*быть подходящим*) ылайык келүү; **пейза́ж так и про́сится на карти́ну** пейзаж сүрөткө тартууга эң эле ылайыктуу.

**ПРОСИЯ'ТЬ** *сов.* 1. (*о солнце*) жаркыроо, жаркырап тийүү; 2. *перен.* (*стать радостным*) жаркыроо, жаркылдоо, күлүңдөө; **просия́ть от сча́стья** кубанганынан кабагы ачылып жаркырай түшүү.

**ПРОСКАКА'ТЬ** *сов.* чаап өтүү, чуркап өтүү; **ми́мо меня́ проскака́ли ко́нные** менин жанымдан атчандар чаап өтүп кетишти.

**ПРОСКА'КИВАТЬ** *несов. см.* **проскочи́ть** 2, 3, 4.

**ПРОСКА'ЛЬЗЫВАТЬ** *несов. см.* **проскользну́ть.**

**ПРОСКВОЗИ'ТЬ** *сов. безл. кого, разг.* жел тийүү; **его́ просквози́ло** ага жел тийип калыптыр.

**ПРОСКЛОНЯ'ТЬ** *сов. что, грам.* жөндөө.

**ПРОСКОБЛИ'ТЬ** *сов. что* тырмап тешүү, жышуу, сүрүү, жышып (сүрүп) оюу, тешик чыгаруу.

**ПРОСКОЛЬЗНУ'ТЬ** *сов.* 1. (*пробраться незаметно*) билинбей жылып кирүү, жылт коюп өтүп кетүү (кирип кетүү); **проскользну́ть в ко́мнату** жылт коюп, бөлмөгө кирип кетүү; 2. *перен.* билине түшүү, чети билинип калуу; **в его́ слова́х проскользну́л упрёк** анын сүйлөгөн сөздөрүнөн жемелегендиктин чети билинип турду.

**ПРОСКОЧИ'ТЬ** *сов.* 1. (*пробежать*) секирип өтүү, ыргып өтүү, тез өтүп кетүү; **он проскочи́л ми́мо меня́** ал менин жанымдан тез өтүп кетти; 2. (*проникнуть, пробраться*) жетип баруу, кирип кетүү, өтүп кетүү; **вса́дник проскочи́л че́рез го́рное уще́лье** атчан капчыгайдан чаап өтүп кетти; 3. *разг.* (*упасть, провалиться*) түшүп кетүү; **моне́та проскочи́ла в щёлку** тыйын жылчыкка түшүп кетти; 4. *перен. разг.* (*об ошибке, описке*) көзгө чалдыкпай, чалынбай кетип калуу; **в корректу́ре проскочи́ло не́сколько оши́бок** корректурада байкалбай бир нече ката кетип калыптыр.

**ПРОСКРЕЖЕТА'ТЬ** *сов.* качыратуу, кычыратуу; **проскрежета́ть зуба́ми** тиштерин кычыратуу.

**ПРОСКРИПЕ'ТЬ** *сов.* кычыроо, кыйчылдоо.

**ПРОСКУЧА'ТЬ** *сов.* эригүү, зарыгуу, көңүлсүз өткөрүү; **он проскуча́л весь ве́чер** ал кечти зеригип отуруп өткөрдү.

www.bizdin.kg

**ПРОСЛА'БИТЬ** *сов. безл. кого, разг.* ич алдыруу, ич алуу.

**ПРОСЛА'ВИТЬ** *сов. кого-что* даңкын чыгаруу, атагын чыгаруу.

**ПРОСЛА'ВИТЬСЯ** *сов.* даңкы чыгуу, атагы чыгуу; **прослáвиться пóдвигами** эрдиги менен даңкы чыгуу.

**ПРОСЛАВЛЕ'НИЕ** *ср.* даңкын чыгаруу, атагын чыгаруу; **прославлéние пóдвигов** эрдиктеринин (баатырлыктарынын) атагын (даңкын) чыгаруу.

**ПРОСЛА'ВЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **прослáвить;** **2.** *прил.* даңкы чыккан, атагы чыккан, даңктуу; **прослáвленный артист** атагы чыккан артист.

**ПРОСЛАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прослáвить.**

**ПРОСЛАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **прослáвиться;** **2.** *страд. к* **прославля́ть.**

**ПРОСЛА'ИВАТЬ** *несов. см.* **прослойть.**

**ПРОСЛЕДИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*выследить*) байкоо, аңдып жүрүү, көзөмөлдөп жүрүү, артынан түшүү; **2.** *что* (*исследовать, проконтролировать*) байкоо жүргүзүү, көз салуу; **проследи́ть за выполнéнием** *чего-л.* бир нерсенин орундалышына көз салуу.

**ПРОСЛЕ'ДОВАТЬ** *сов. офиц.* өтүү, өтүп баруу, баруу (*чоң мансаптуу адамдар жөнүндө*).

**ПРОСЛЕ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **проследи́ть.**

**ПРОСЛЕЗИ'ТЬСЯ** *сов.* жашуу, көзгө жаш алуу, ыйлоо; **прослези́ться при прощáнии** коштошкондо көзгө жаш алуу.

**ПРОСЛОИ'ТЬ** *сов. что чем* катмар (кабат) кылуу, кабаттоо, катмарлоо; **прослойть торт варéньем** тортту варенье менен катмарлоо.

**ПРОСЛО'ЙКА** *ж.* **1.** (*действие*) катмар (кабат) кылуу, кабаттоо, катмарлоо; **2.** (*тонкий слой*) бир нерсенин арасындагы катмарча, кабатча; **в бéлом мрáморе бы́ли прослóйки други́х цветóв** ак мрамордо башка түстөрдүн катмарчалары (катмарчалары) бар; **3.** *перен.* (*общественная группа*) катмар, топ.

**ПРОСЛУЖИ'ТЬ** *сов.* **1.** кызмат кылуу, иштөө (*белгилүү бир убакыт*); **он прослужи́л в управлéнии дéсять лет** ал башкармада он жыл кызмат кылды; **2.** (*пробыть в употреблении*) кызмат кылуу, пайдаланууда чыдап берүү; **ружьё прослужи́ло охóтнику мнóго лет** мылтык мергенчиге көп жыл кызмат кылды.

**ПРОСЛУ'ШАТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*выслушать*) угуу, угуп отуруу, угуп көрүү; *мед.* тыңшап көрүү; **прослу́шать концéрт** концерт угуу; **прослу́шать лёгкие** өпкөнү тыңшап көрүү; **2.** (*не услышать, пропустить*) укпай калуу, чала угуу; **прости́те, я прослу́шал** кечиригиз, мен укпай калдым; **3.** (*какое-то время*) угуу, угуп отуруу; тыңшап, тыңдап отуруу; **два часá я прослу́шал лéкции** мен эки саат лекция угуп отурдум.

**ПРОСЛУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **прослу́шать** 1, 3.

**ПРОСЛЫ'ТЬ** *сов. кем-чем* атак алуу, атка конуу; **прослы́ть чудакóм** «апенди» деген атка конуу.

**ПРОСЛЫ'ШАТЬ** *сов. что, о чём, разг.* кабар угуу, угуп калуу.

**ПРОСМА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **просмоли́ть.**

**ПРОСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **просмотрéть** 1.

**ПРОСМОЛИ'ТЬ** *сов. что* чайырдоо, чайырга салуу; **просмоли́ть канáт** жоон арканды чайырлоо; **просмоли́ть лóдку** кайыкты чайыр менен майлоо, кайыкка чайыр шыбап салуу.

**ПРОСМО'ТР** *м.* кароо, көрүү, карап чыгуу; **просмóтр ру́кописи** кол жазманы карап чыгуу; **общéственный просмóтр** коомчулуктун кароосу (*мис. спектаклди, картинарды*).

**ПРОСМОТРЕ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*ознакомиться*) кароо, көрүү, карап чыгуу; **я просмотрéл кни́гу** мен китепти карап чыктым; **2.** (*пропустить*) көрбөй калуу, байкабай калуу; **он просмотрéл оши́бку** ал катаны көрбөй калыптыр.

**ПРОСНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** ойгонуу; **рáно просну́ться** эрте ойгонуу; **2.** *перен.* (*оживиться*) жандануу, жан кирүү, кыймылдоо; **гóрод просну́лся** шаар ойгонуп, кыймылга келе баштады; **3.** *перен.* пайда болуу, чыгуу; **в нём просну́лась любóвь к дéтям** анда балдарды сүйүүчүлүк пайда болду.

**ПРО'СО** *ср.* таруу (*акталбаган*).

**ПРОСОБИРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* камынуу, даярдануу (*бир нерсе иштөөгө, жолго*).

**ПРОСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **просу́нуть.**

**ПРОСО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **просу́нуться;** **2.** *страд. к* **просóвывать.**

**ПРОСО'ДИЯ** *ж. лит.* просодия (*ырдагы муундардын салыштырмалуулугу жөнүндөгү окуу*).

**ПРОСОЛИ'ТЬ** *сов. что* туздоо; **просоли́ть мя́со** этти туздоо.

**ПРОСОЛИ'ТЬСЯ** *сов.* туздалуу; **ры́ба достáточно просоли́лась** балык жетишердик түрдө туздалды.

**ПРОСОРУ'ШКА** *ж. с.-х.* **1.** (*машина*) таруу актагыч машина; **2.** (*предприятие*) таруудан акшак жасоочу ишкана.

**ПРОСОСА'ТЬ** *сов. что* сарыгып жарып өтүү; **водá прососáла плоти́ну** суу сарыгып плотинадан өтүп кетти.

**ПРОСОСА'ТЬСЯ** *сов.* сарыгып өтүү, жылжып өтүү, жылжып кирүү.

**ПРОСО'ХНУТЬ** *сов.* кургоо; **одéжда просóхла** кийим кургады.

**ПРОСОЧИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** сарыгып өтүү, жылжып кирүү, жылжып өтүү; **в лóдку просочи́лась водá** кайыкка суу жылжып кирди; **2.** *перен. разг.* (*проникнуть, распространиться*) таралуу, жайылуу; **просочи́лись слу́хи** аңырт таралды.

**ПРОСПА'ТЬ** *сов.* **1.** (*какое-л. время*) уктоо, уктап туруу; **проспáть три часá** үч саат уктоо; **2.** (*проснуться позже, чем нужно*) уктап калуу; **он проспáл и опоздáл на пóезд** ал уктап калып, поездден кечикти; **3.** *кого-что, перен.* (*пропустить*) уктап калып билбей калуу, уктап калып өткөрүп жиберүү; **пассажи́р проспáл стáнцию** пассажир уктап калып, станциядан өтүп кетиптир.

**ПРОСПА'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*отоспаться*) уйку кануу; **я хорошó проспáлся пóсле дорóги** жол жүрүп келгенден кийин мен жакшы уктадым; **2.** (*протрезвиться*) уктап соолугуу (*мастыгы тарап*).

**ПРОСПЕ'КТ I** *м.* (*широкая улица*) проспект (*кең, түз көчө*).

**ПРОСПЕ'КТ II** *м.* (*перечень, план*) проспект (*бир нерсенин саналышы, планы*).

**ПРОСПИРТОВА'ТЬ** *сов. что* спиртке салуу, спиртке чылоо, спирттөө.

**ПРОСПИРТОВА'ТЬСЯ** *сов.* спиртке салынуу, спиртке чылануу, спирттелүү.

**ПРОСПИРТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **проспиртовáть.**

**ПРОСПИРТО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **проспиртовáться;** **2.** *страд. к* **проспиртóвывать.**

**ПРОСПО'РИТЬ** *сов.* **1.** (*какое-л. время*) айтышуу, кеңишүү, талашуу, тартышуу; **мы проспóрили всю ночь** биз түнү бою талашып чыктык; **2.** *что, разг.* (*проиграть*) мелдеште уттуруу, жеңилип калуу.

**ПРОСПРЯГА'ТЬ** *сов. что, грам.* жактоо; **проспрягáть глагóл** этишти жактоо.

**ПРОСРО'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **просрóчить;** **2.** *прил.* срогунан, убагынан, мөөнөтүнөн өтүп кеткен; **просрóченный докумéнт** убактысы өтүп кеткен документ.

**ПРОСРО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **просрóчить.**

**ПРОСРО'ЧИТЬ** *сов. что* срогунан өткөрүп жиберүү, убактысынан өткөрүп жиберүү, мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүү; **просрóчить платёж** төлөөнү убактысынан (срогунан) өткөрүп жиберүү; **просрóчить на пять дней** беш күнгө срогунан (мөөнөтүнөн) өткөрүп жиберүү.

www.bizdin.kg

**ПРОСРО'ЧКА** *ж.* убактысынан өткөрүп жиберүү, срогунан (мөөнөтүнөн) өткөрүп жиберүү; **просрóчка платежá** төлөөнү мөөнөтүнөн өткөрүп жиберүү.

**ПРОСТА'ВИТЬ** *сов. что* жазып коюу, көрсөтүү, коюп чыгуу; **простáвить дáту на письмé** катка датасын көрсөтүп, жазып коюу.

**ПРОСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **простáвить.**

**ПРОСТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **простоя́ть** 1, 4.

**ПРОСТА'К** *м.* **1.** *разг.* (*простодушный человек*) куулук-шумдугу жок, аңкоо чалыш (*киши*); **2.** *театр.* (*амплуа артиста*) *аңкоо чалыш кишинин ролун ойногон артист.*

**ПРОСТЕГА'ТЬ** *сов. что* шыруу, кабуу, кабып каптоо; **простегáть одея́ло** жууурканды кабып каптоо.

**ПРОСТЕ'ЙШИЙ,** -ая, -ее **1.** *превосх. ст. от прил.* **простóй** I эң эле жөнөкөй, оңой-олтоң; **простéйший спóсоб решéния задáчи** маселени чечүүнүн эң эле жөнөкөй жолу; **2.** *в знач. сущ.* **простéйшие** *мн. зоол.* эң жөнөкөйлөр (*бир клеткалуу жаныбарлардын тиби*).

**ПРОСТЕ'НОК** *м.* эки терезенин *же* эки эшиктин аралыгындагы стена.

**ПРО'СТЕНЬКИЙ,** -ая, -ое *уменьш. разг.* **1.** (*несложный, незамысловатый*) жөнөкөй гана, жөнөкөй эле, жеңил гана, оңой гана; **прóстенький рисýнок** жөнөкөй гана сүрөт; **прóстенькое плáтье** жөнөкөй эле көйнөк; **2.** (*глуповатый*) аңкоо чалыш (*адам*).

**ПРОСТЕРЕ'ТЬ** *сов. см.* **простирáть** I.

**ПРОСТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов. см.* **простирáться.**

**ПРОСТЁРТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **простерéть; 2.** *прил.* созулган, сунулган (*кол, бут*); **простёртые рýки** сунулган колдор.

**ПРОСТЕ'ЦКИЙ,** -ая, -ое *прост.* жөнөкөй, жупуну, жайдары; **простéцкий пáрень** жайдары жигит; **простéцкий костю́м** жупуну костюм.

**ПРОСТИРА'ТЬ** I *несов. что* **1.** (*протягивать*) созуу, сунуу; **простирáть рýки** колдорду сунуу; **2.** *перен.* (*устремлять, направлять*) багыттоо; **слишком далекó простирáть свои трéбования** өзүнүн талаптарын ыгы жок ашырып жиберүү.

**ПРОСТИРА'ТЬ** II *сов. что, разг.* (*выстирать*) жууу, жууп коюу; **простирáть бельё** кирди жууу.

**ПРОСТИРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*занимать какое-л. пространство*) жайылуу, созулуу, жайылып (созулуп) жатуу; **лесá на сéвере простирáются на ты́сячи киломéтров** түндүктө токойлор миңдеген километрге созулуп жатат; **2.** (*протягиваться, направляться*) багытталуу.

**ПРОСТИРНУ'ТЬ** *сов. что, разг.* жууп жиберүү, жууп коюу (*мис. көйнөктү*).

**ПРОСТИ'РЫВАТЬ** *несов. см.* **простирáть** II.

**ПРОСТИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* кечиримдүү, кечирердик.

**ПРОСТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кечиримдүү, кечирүүгө боло турган.

**ПРОСТИТУИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* өзүнүн көз карашын, ишенимдерин сатуу.

**ПРОСТИТУ'ТКА** *ж.* проститутка (*өз денесин сатуучу аял, бузук жолго түшкөн аял*).

**ПРОСТИТУ'ЦИЯ** *ж.* проституция (*аял жөнүндө — өз денесин сатуу*).

**ПРОСТИ'ТЬ** *сов. кого-что, кому-чему* кечирүү, кечирип коюу, кечирим кылуу; **прости́ меня́** мени кечир; **прости́ть долг** карызды кечирүү; ◇ **сказáть послéднее прости́** түбөлүккө коштошуу.

**ПРОСТИ'ТЬСЯ** *сов. с кем-чем* коштошуу, кош айтышуу; **прости́ться пéред разлýкой** ажырашуунун алдында коштошуу; **прости́ться с мечтóй** *перен.* санаа менен коштошуу.

**ПРО'СТО 1.** *нареч.* (*обыкновенно*) жөнөкөй, кадыресе, кадимкидей; **э́то прóсто объясня́ется** бул жөнөкөй эле түшүндүрүлөт; **2.** *в знач. сказ. кому, разг.* (*легко*) оңой, жеңил, оңой эле, жеңил гана; **э́то совсéм прóсто** бул абдан эле жеңил, бул эң эле оңой; **3.** *в знач. усил. частицы, разг.* (*действительно, на самом деле*) жөн эле, чындыгында, барып турган; **э́то прóсто безобрáзие!** бул абдан жаман иш!; **прóсто насмéшка!** барып турган шылдың!; **прóсто заглядéнье!** жөн эле карап тургуң келет!, карап эле тургуң келет!; **он прóсто не мóжет э́тому повéрить** ал жөн эле буга ишенбейт да!; **4.** *в знач. ограничит. частицы разг.* (*только, не что иное, как*) жөн эле, тим эле, барып турган, **э́то прóсто ложь** бул тим эле калп; **он прóсто не умён** анын акылы жок да; **5.** *в знач. частицы, разг.* (*случайно, без намерения*) кокусунан, байкоостон; **э́то слóво прóсто сорвалóсь у меня́ с языкá** бул сөз менин оозумдан байкоостон эле чыгып кетти; **зачéм ты пришёл? — Прóсто так** сен эмнеге келдиң? — Жөн эле, тим эле; ◇ **прóсто-нáпросто** *разг.* чынын айтканда, жөн эле, тим эле; **ты прóсто-нáпросто испугáлся** сен, чынын айтканда, коркуп кеттиң.

**ПРОСТОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жөнөкөй, карапайым, аңкоо.

**ПРОСТОВОЛО'СЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жылаң баш (*аял жөнүндө*).

**ПРОСТОДУ'ШИЕ** *ср.* кишиге ишене бермелик, куулук-шумдугу жоктук, ачык-айрымдык.

**ПРОСТОДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое кишиге ишене берме, куулук-шумдугу жок, ачык-айрым (*адам*).

**ПРОСТО'Й** I, -áя, -óе **1.** (*не составной*) жөнөкөй; **простóе числó** *мат.* жөнөкөй сан; **2.** (*нетрудный, несложный*) жеңил, жөнөкөй, оңой, татаал эмес; **простáя задáча** жеңил маселе; **простóй язы́к** оңой тил; **3.** (*незатейливый*) жупуну, жөнөкөй, кадыресе; **простóе плáтье** жупуну көйнөк; **4.** (*естественный, непринуждённый*) жөнөкөй, ачык-айрым, жайдары; **простóе обращéние** *с кем-л.* бирөө менен ачык-айрым гана мамиле кылуу; **5.** (*простодушный*) ачык-айрым, карапайым; **он был простóй и дóбрый человéк** ал ачык-айрым жана боорукер киши эле; **6.** (*обыкновенный, ничем не выделяющийся*) кадимки, жөнөкөй; **простóй смéртный** бенде, кадимки эле жөнөкөй киши; **7.** *уст.* (*принадлежавший к непривилегированным классам*) карапайым, букара; **простóй нарóд** букара эл; ◇ **просты́м глáзом** жөнөкөй эле көз менен (*мис. микроскоп аркылуу эмес*); **простóе письмó** жөнөкөй кат (*заказной эмес*).

**ПРОСТО'Й** II *м.* (*в работе*) аракетсиз токтоп калуу, иштебей калуу.

**ПРОСТОКВА'ША** *ж.* айран.

**ПРОСТОЛЮДИ'Н** *м. уст.* кара букара, букара (*бир киши*).

**ПРОСТОНАРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* букара элдик, жөнөкөй элдик, карапайым элдик.

**ПРОСТОНАРО'ДЬЕ** *ср. уст.* калың эл, кара букара.

**ПРОСТОНА'ТЬ** *сов.* **1.** онтоо, онтоп калуу, онтой берүү (*белгилүү бир убакыт*); **2.** онтоп жиберүү.

**ПРОСТО'Р** *м.* **1.** (*пространство*) мейкиндик, жайыктык, кеңдик; **степнóй простóр** талаа мейкиндиги; **2.** (*свобода, раздолье*) бош тондук, эркиндик, колу-жолу боштук; **на простóре** бош тондукта, эркиндикте.

**ПРОСТОРЕ'ЧИЕ** *ср. лингв.* карапайым сөз *же* сүйлөм (*адабий тилдин нормасына кирбей, адабий чыгармаларда жана оозеки сүйлөөлөрдө колдонулуучу сөздөр же сүйлөмдөр*).

**ПРОСТОРЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **просторечие**-*ге т.*; **просторéчные словá** жөнөкөй сөздөр.

**ПРОСТО'РНО** *нареч.* кеңири, кең, эркин, бош тон.

**ПРОСТО'РНЫЙ,** -ая, -ое кең; **простóрный зал** кең зал; **простóрное плáтье** кең көйнөк.

**ПРОСТОСЕРДЕ'ЧИЕ** *ср.* ак көңүлдүүлүк, мээримдүүлүк, жумшак мүнөздүүлүк.

**ПРОСТОСЕРДЕ'ЧНО** *нареч.* ак көңүлдүүлүк менен, мээримдүүлүк менен, жумшак бейил менен.

**ПРОСТОСЕРДЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое ак көңүл, мээримдүү, жумшак мүнөздүү.

**ПРОСТОТА'** *ж.* **1.** (*несложность*) жеңилдик, жөнөкөйлүк, оңойлук, татаал эместик; **простотá решéния** чечүүнүн

www.bizdin.kg

оцойлугу; 2. (*естественность, непринуждённость*) кадыресelик, ачык-айрымдык, жайдарылык; **простота обращения** мамиле кылуудагы ачык-айрымдык; 3. (*простодушие*) жөнөкөйлүк, карапайымдык, ак көңүлдүк; **по простоте сердечной** ак көңүлдүк кылып.

**ПРОСТОФИ'ЛЯ** *м. и ж. разг.* аңкоо, ачык ооз.

**ПРОСТОЯ'ТЬ** *сов.* 1. (*какое-л. время*) токтоп туруу, туруу, тура берүү; **поезд простоял полчаса** поезд жарым саат токтоп турду; **с минуту они простояли молча** алар бир минутача унчукпай турушту; 2. (*продержаться*) сакталуу, туруу, тура берүү; **этот дом долго простоит** бул үй көпкө чейин турат; 3. *воен.* (*пробыть на стоянке*) токтоп туруу, тура берүү; 4. (*бездействовать*) иштебей токтоп калуу.

**ПРОСТРА'ННО** *нареч.* узун, кең, узак, жайылтып; **пространно выражаться** бабырап, жайылтып сүйлөө.

**ПРОСТРА'ННОСТЬ** *ж.* 1. (*обширность*) кеңдик, созулгандык; 2. (*многословие*) кенендик, узундук; **пространность изложения** баяндоонун узундугу.

**ПРОСТРА'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*обширный*) кең, узун, учу кыйры жок; 2. (*подробный, многословный*) толук, көп жазылган, узун; **пространное письмо** узун кат.

**ПРОСТРА'НСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **пространство**-*го т.*

**ПРОСТРА'НСТВО** *ср.* 1. мейкиндик; **время и пространство** убакыт жана мейкиндик; 2. (*промежуток между чем-л.*) мейкиндик; **безвоздушное пространство** абасыз мейкиндик; **свободное пространство** бош мейкиндик; 3. (*территория*) мейкиндик; **на севере огромные пространства покрыты лесом** түндүктө эбегейсиз зор мейкиндиктер токой менен капталган; ◇ **мёртвое пространство** *воен.* ок, снаряд тийбей турган жер.

**ПРОСТРА'НСТВОВАТЬ** *сов.* саякат кылуу, кыдырып жүрүү, дүйнө кыдыруу.

**ПРОСТРА'ЦИЯ** *ж.* прострация (*жылдызы түшүү, көңүлү чөгөт болуу*).

**ПРОСТРЕ'Л** *м. разг.* чанчкак, чанчуу.

**ПРОСТРЕ'ЛИВАТЬ** *несов.* 1. *см.* **прострелить;** 2. *что, воен.* атуу, аткылоо, аткылай берүү; **простреливать позиции противника** душмандын позициясын аткылоо.

**ПРОСТРЕЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* көзөй атуу, теше атуу; **прострелить руку** колду көзөй атып алуу; **прострелить насквозь** көзөй (теше) атуу.

**ПРОСТРОЧИ'ТЬ** *сов. что* тиге салуу, кайып тигүү (*жис. машина менен*).

**ПРОСТУ'ДА** *ж.* суук тийүү; **схватить простуду** *разг.* суук тийгизип алуу.

**ПРОСТУДИ'ТЬ** *сов. кого-что* суукка тийгизүү, суукка урунтуу; **ребёнка простудили** балага суук тийгизип алышты.

**ПРОСТУДИ'ТЬСЯ** *сов.* өзүнө суук тийгизип алуу, суукка урунуп алуу.

**ПРОСТУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **простуда**-*га т.*; суук тийгенден, суукка урунгандан болгон; **болезнь простудного характера** суук тийгенден болгон оору.

**ПРОСТУЖА'ТЬ** *несов. см.* **простудить.**

**ПРОСТУЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **простудиться;** 2. *страд. к* **простужать.**

**ПРОСТУ'ЖЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **простудить;** 2. *прил.* суук тийген, суукка урунган; **говорить простуженным голосом** суук тийген үн менен сүйлөө (*каргылданып*).

**ПРОСТУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **простудить.**

**ПРОСТУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **простудиться;** 2. *страд. к* **простуживать.**

**ПРОСТУ'КАТЬ** *сов. кого-что, разг.* ургулоо, такылдатуу, такылдатып кагуу; **доктор простукал больному грудь** доктор оорунун көкүрөгүн ургулап көрдү.

**ПРОСТУ'КИВАТЬ** *несов. см.* **простукать.**

**ПРОСТУПА'ТЬ** *несов. см.* **проступить.**

**ПРОСТУПИ'ТЬ** *сов.* чыбырчыктоо, чыпылдап чыгуу, кызарып чыгуу, жыбырап сыртына чыгуу; **пот проступил у него на лице** анын бетине чыпылдап тер чыкты; **румянец проступил на её щеках** анын бети кызарып чыкты.

**ПРОСТУ'ПОК** *м.* кылмыш, жазык, кылык.

**ПРОСТУЧА'ТЬ** *сов.* такылдатуу, тыкылдатуу, шакылдатуу, түкүлдөтүү.

**ПРОСТУ'ШКА** *женск. р. к* **простак** 1.

**ПРОСТЫ'ННЫЙ,** -ая, -ое **простыня**-*га т.*; шейшептик; **простынное полотно** шейшептик болотнай.

**ПРОСТЫ'НУТЬ** *сов. прост.* суук тийүү, суукка урунуу.

**ПРОСТЫНЯ'** *ж.* шейшеп.

**ПРОСТЫ'ТЬ** *сов. разг.* 1. (*остыть, охладиться*) муздоо, муздап калуу, сууп калуу; **чай давно простыл** чай эчак эле сууп калган; 2. (*простудиться*) суук тийүү, суук тийгизип алуу; **он простыл на морозе** ал суук тийгизип алды; ◇ **его и след простыл** ал кабарсыз жоголду, ал зымкыя жоголду.

**ПРОСУ'НУТЬ** *сов. кого-что* сунуу, чыгаруу, аржагына чыгара тыгуу, өткөрө тыгуу; **просунуть голову в окно** терезеден башты чыгаруу.

**ПРОСУ'НУТЬСЯ** *сов.* чыгарылуу, ар жагына өткөрө сунулуу, өтүп чыгуу; **в дверь просунулась рука** эшиктен кол сунулду.

**ПРОСУ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **просушить.**

**ПРОСУ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **просушиться;** 2. *страд. к* **просушивать.**

**ПРОСУШИ'ТЬ** *сов. что* кургатуу; **просушить одежду** кийимди кургатуу.

**ПРОСУШИ'ТЬСЯ** *сов.* кургоо; **одежда просушилась** кийим кургады.

**ПРОСУ'ШКА** *ж.* кургатуу.

**ПРОСУЩЕСТВОВА'ТЬ** *сов.* жашоо, жан багуу, күн көрүү, оокат кылуу.

**ПРОСЦЕ'НИУМ** *м. театр.* просцениум (*сценанын көрүүчүлөргө жакын, алдыңкы бөлүгү*).

**ПРОСЧЁТ** *м.* 1. (*подсчёт*) эсептөө; 2. (*ошибка в счёте, подсчёте*) ката, жаңылыш эсептөө, ката чыгаруу, жаңылыш эсеп.

**ПРОСЧИТА'ТЬ** *сов.* 1. (*сосчитать*) эсептөө, саноо; **просчитай до ста** жүзгө чейин сана; **просчитать на счётах** чотко салып эсептөө; 2. (*ошибиться в счёте, подсчёте*) жаңылыш эсептөө, ката эсептеп артык берип коюу (жиберүү); **просчитать сто рублей** жаңылыш эсептеп, жүз сомду артык берип жиберүү.

**ПРОСЧИТА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*передать лишние деньги*) жаңылыш эсептеп артык берүү; **кассир просчитался на десять рублей** кассир жаңылыш эсептеп он сомду артык берди; 2. (*ошибиться в расчётах*) жаңылып калуу; **враги просчитались** душмандар жаңылып калышты.

**ПРОСЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **просчитать.**

**ПРОСЧИ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **просчитаться;** 2. *страд. к* **просчитывать.**

**ПРО'СЫ'П** *м.*: **без просыпу** *разг.* 1) ойгонбой, ойгонбостон; **он всю ночь спал без просыпу** ал түнү бою ойгонбостон уктады; 2) токтоосуз, дайыма; **он пьёт без просыпу** ал баш көтөрбөй ичет.

**ПРОСЫ'ПАТЬ** *сов. что* төгүү, төгүп алуу; **просыпать муку на пол** унду жерге төгүп алуу.

**ПРОСЫПА'ТЬ** I *несов. см.* **просыпать.**

**ПРОСЫПА'ТЬ** II *несов. см.* **проспать.**

**ПРОСЫ'ПАТЬСЯ** *сов.* төгүлүү; **мука просыпалась на пол** ун жерге төгүлдү.

**ПРОСЫПА'ТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **просыпаться;** 2. *страд. к* **просыпать** 1.

**ПРОСЫПА'ТЬСЯ** II *несов. см.* **проснуться;** **я просыпаюсь рано** мен эрте ойгономун.

**ПРОСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **просохнуть.**

www.bizdin.kg

**ПРО'СЬБА** *ж.* **1.** өтүнүч, суроо, тилек, сурануу; **обратиться с просьбой** *к кому-л. бирөөгө* өтүнүч менен кайрылуу; **просьба не шуметь** чуулдабооңузду сурайбыз; **удовлетворить просьбу** өтүнүчтү канааттандыруу; **по просьбе** суроосу боюнча; **2.** *уст.* (*прошение*) өтүнүч, арыз; **просьба о помиловании** кечирим суроо (*күнөөсүн кечүү жөнүндө*).

**ПРОСЯНО'Й,** -ая, -ое **просо**-*го т.*; **просяная солома** таруу саманы.

**ПРОТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **протаять.**

**ПРОТА'ЛИНА** *ж.* ала-телек жер (*кары эригенде ачылган жер*).

**ПРОТА'ЛКИВАТЬ** *несов. см.* **протолкнуть, протолкать.**

**ПРОТА'ЛКИВАТЬСЯ** *несов. см.* **протолкнуться, протолкаться** 1.

**ПРОТАНЦЕВА'ТЬ** *сов. что* бийлөө.

**ПРОТА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **протопить.**

**ПРОТА'ПЛИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **протопиться; 2.** *страд. к* **протапливать.**

**ПРОТА'ПТЫВАТЬ** *несов. см.* **протоптать.**

**ПРОТАРА'НИВАТЬ** *несов. см.* **протаранить.**

**ПРОТАРА'НИТЬ** *сов. что* **1.** *уст.* (*пробить тараном*) таран менен кыйратуу, таран менен бузуу; **2.** *тех.* таран менен согуу, талкалап тешип чыгуу; **3.** *воен., ав.* таран кылуу, кагып түшүрүү (*өзүнүн самолёту менен душмандын самолётун уруп, согуп, сүзүп талкалоо, мис. танканы танк*).

**ПРОТАСКА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жүрө берүү; **я весь день протаскался по городу** керели кечке шаар кыдырып жүрдүм.

**ПРОТА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **протащить.**

**ПРОТА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **проточить.**

**ПРОТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*пронести куда-л.*) кыйындык менен көтөрүп *же* сүйрөп баруу; **протащить рояль в дверь** роялды эшиктен араң алып кирүү *же* алып чыгуу; **2.** *перен. разг. неодобр.* (*какую-л. идею, положение*) жазгырып киргизүү, амалдап өткөрүү (*мис. тескери идеяны*).

**ПРОТА'ЯТЬ** *сов.* эрүү; **земля протаяла на полметра** жер жарым метрге чейин эриди.

**ПРОТЕЖЕ'** *м. и ж. нескл.* колдоочусу, таянычы бар киши (*мис. бир кызматка туруудa колдоочусу бар киши*).

**ПРОТЕЖИ'РОВАТЬ** *несов. кому-чему* колдоо (*мис. кызматка коюу үчүн колдоо*).

**ПРОТЕ'З** *м.* протез (*жасама мүчө, мис. бут, кол, тиш*).

**ПРОТЕЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* протездөө (*протез жасоо, протез менен жабдуу*).

**ПРОТЕ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **протез**-*ге т*; **протезная мастерская** протез мастерскаясы.

**ПРОТЕКА'ТЬ** *несов.* **1.** (*о реке, ручье*) агуу, агып өтүү; **2.** *см.* **протечь.**

**ПРОТЕ'КТОР** *м.* протектор (*протекторатты ишке ашыруучу мамлекет*).

**ПРОТЕКТОРА'Т** *м. полит.* протекторат (*колониялык багындыруунун бир түрү; мында — колониялык өлкөнүн, формалдык жагынан караганда, өзүнүн мурунку мамлекеттик түзүлүшү сакталып калат да, анын жогорку бийлиги империалисттик мамлекеттин колунда болот*).

**ПРОТЕКЦИОНИ'ЗМ** *м.* протекционизм (**1.** *эк. капиталисттик өлкөлөрдө — өзүнүн өнөр жайларын колдоо максатын көздөп, тыштан келүүчү товарларга кымбат пошлина салуу саясаты*; **2.** *разг. кызматка өзүнүн тааныштарын, жакындарын алуу, аларды колдоо системасы*).

**ПРОТЕКЦИОНИ'СТ** *м. эк.* протекционист (*протекционизмди жактоочу адам*).

**ПРОТЕКЦИОНИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **протекционизм**-*ге т.*; протекционисттик.

**ПРОТЕКЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **протекционизм**-*ге,* **протекция**-*га т.*; протекциялык.

**ПРОТЕ'КЦИЯ** *ж.* протекция (*таасирдүү кишинин колдоосу*).

**ПРОТЕ'КШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **протечь; 2.** *прил.* (*минувший*) өткөн, өтүп кеткен; **за протекший месяц** өткөн айда, өткөн айдын ичинде.

**ПРОТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*продырявить*) сүрүп тешүү, оюу; **протереть бумагу резинкой** резинка (өчүргүч) менен кагазды сүрүп тешүү; **2.** (*прочистить*) сүрүп тазалоо; **протереть окно тряпкой** терезени чүпүрөк менен сүртүп тазалоо; **3.** (*напр. через решето*) сүрүп майдалоо (*мис. калбыр сыяктуу тешик каңылтырга*); **протереть картофель** картошканы сүрүп майдалоо; ◇ **протереть глаза** *разг.* көздү ушалоо (*мис. ойгонуп*); эсине келе түшүү (*мис. күтпөгөн окуяны укканда*).

**ПРОТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* сүрүлүп жыртылуу, жышылып жыртылуу; **брюки протёрлись** шым сүрүлүп жыртылды.

**ПРОТЕ'СТ** *м.* **1.** протест, наразылык, каршылык; **выступить с протестом** наразылык көрсөтүү; **заявить протест** *кому-л. бирөөгө* наразылык билдирүү, каршы экенин билдирүү; **2.** *фин.* протест (*вексель боюнча срогунда төлөбөгөндүк фактысынын официалдуу күбөлүгү*); **протест векселя** векселди протест кылуу; **3.** *юр.* протест (*кандайдыр бир чечимге макул эместиги жөнүндө билдирүү*).

**ПРОТЕСТА'НТ** *м. рел.* протестант (*протестантизм динииндеги адам*).

**ПРОТЕСТАНТИ'ЗМ** *м. рел.* протестантизм; *см.* **протестантство.**

**ПРОТЕСТА'НТКА** *женск. р. к* **протестант.**

**ПРОТЕСТА'НТСКИЙ,** -ая, -ое **протестантство**-*го,* **протестант**-*ка т.*; протестанттык.

**ПРОТЕСТА'НТСТВО** *ср.* протестантство (*батыштык христиандык дининде — католицизмге каршы чыгуунун натыйжасында пайда болгон диний окуулардын жалпы аты: лютеранство, кальвинизм ж. б.*).

**ПРОТЕСТОВА'ТЬ** **1.** *несов. против чего* (*заявлять протест*) наразылык билдирүү, каршылыгын билдирүү; **2.** *сов. и несов. что, фин.* (*производить протест*) протест кылуу; **протестовать вексель** векселди протест кылуу.

**ПРОТЕ'ЧЬ** *сов.* **1.** *см.* **протекать** 1; **2.** (*просочиться*) жылжып (жылжып) өтүү, жылжып агып кирүү (куюлуу); **вода протекла в лодку** суу кайыкка жылжып кирди; **3.** (*пропустить воду*) агуу, тамчылоо, өтүп кетүү; **крыша в сарае протекла** сарайдын чатырынан суу өтүп кетти; **4.** (*о времени*) өтүү, билинбей өтүү.

**ПРО'ТИВ** *предлог с род. п.* **1.** (*напротив*) каршысында, маңдайында; **против дома — сад** үйдүн каршысында бак; **друг против друга** бир-биринин маңдайында, бир-бирине маңдайлашып; **2.** (*навстречу движению чего-л.*) каршы; **плыть против течения** суунун агымына каршы сүзүү; **против ветра** шамалга каршы; **3.** (*вопреки*) каршы, карама-каршы, тескерисинче; **против его ожиданий** анын күткөнүнө карама-каршы; **4.** (*враждебно по отношению к кому-чему-л.*) каршы; **он настроен против меня** ал мага каршы болуп жүрөт; **5.** (*для борьбы с кем-чем-л.*) каршы; **лекарство против кашля** жөтөлгө каршы дары, жөтөл дарысы; **6.** (*по отношению к кому-чему-л.*) каршы; **против него у меня не было никакой дурной мысли** ага каршы менде эч жандай жаман ой жок эле; **7.** (*по сравнению*) караганда; **рост продукции против прошлого года** өткөн жылга караганда продукциянын өсүшү; **8.** *в знач. сказ. разг.* каршы; **кто против?** ким каршы?; **он ничего не имеет против** анын эч кандай каршылыгы жок.

**ПРО'ТИВЕНЬ** *м.* нан бышыруучу тунуке (темир) таба.

**ПРОТИВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **противительный союз** *грам.* каршылагыч байламта (*бир сүйлөмдү экинчи бир сүйлөмгө, каршылыгыч; мис.* **бирок** *ж. б.*).

**ПРОТИ'ВИТЬСЯ** *несов. кому-чему* каршы болуу, каршы туруу, көнбөө.

**ПРОТИ'ВНИК** *м.* **1.** (*враг чего-л.*) душман, кас, каршы; **противник свободы** эркиндиктин (боштондуктун) душманы; **2.** (*соперник*) каршы жак; **победить противника в состя-**

www.bizdin.kg

**зáнии** мелдеште каршы жакты жеңип чыгуу; 3. *собир.* (*вражеское войско*) душман, жоо; **разбить противника** душманды талкалоо.

**ПРОТИ'ВНО** I *предлог с дат. п.* (*против*) каршы, сыйбаган; **поступить противно сóвести** уятка сыйбаган иш кылуу.

**ПРОТИ'ВНО** II 1. *нареч.* (*отвратительно*) жаман, жийиркенткен; **протúвно пáхнет** жаман жыттанат; 2. *безл. в знач. сказ.* каршы, болбой турган; **слýшать протúвно** угуудан жийиркенесиң, киши уккус жаман; **это протúвно нáшим принципам** бул биздин принциптерибизге каршы.

**ПРОТИ'ВНЫЙ** I, -ая, -ое 1. (*противоположный*) каршы, маңдайлаш, бет-маңдай; **протúвный вéтер** каршы болгон шамал, бет-маңдайдан болгон шамал; 2. (*враждебный, противоречащий*): **протúвные стóроны** эки жак, эки тарап (*мис. сотто, мелдеште*); ◇ **в протúвном слýчае** андай болбосо, антпей турган болсо.

**ПРОТИ'ВНЫЙ** II, -ая, -ое (*неприятный*) жаман, жагымсыз; **протúвный вкус лекáрства** дарынын жаман даамы.

**ПРОТИВО-** *татаал сөздөрдүн «каршы», «карама-каршы» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **противозакóнно** законго каршы.

**ПРОТИВОАЛКОГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое алкоголго каршы.

**ПРОТИВОА'ТОМНЫЙ,** -ая, -ое атомго каршы.

**ПРОТИВОБО'РСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* каршы күрөшүү, каршы туруу.

**ПРОТИВОВЕ'С** *м.* 1. *тех.* каршы салмак (*салмактыкты, инерцияны теңдеш үчүн айланма механизмдин бир учуна бириктирилүүчү жүк*); 2. *перен.* (*противоположение*) каршы, карама-каршы; **в противовéс** каршы коюп; **в противовéс этому доказáтельству** бу далилге каршы, бу далилди жокко чыгаруу үчүн.

**ПРОТИВОВОЗДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое абадан болуучу чабуулга каршы, душман авиациясына каршы; **противовоздýшная оборóна** абадан болуучу чабуулга каршы коргонуу.

**ПРОТИВОГА'З** *м.* противогаз.

**ПРОТИВОГА'ЗОВЫЙ,** -ая, -ое **противогаз**-*га т.*; **противогáзовая мáска** противогаз маскасы.

**ПРОТИВОГЛИ'СТНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* глистиге каршы.

**ПРОТИВОДЕ'ЙСТВИЕ** *ср.* каршы аракет; **окáзывать противодéйствие** каршы аракет көрсөтүү, каршылык көрсөтүү.

**ПРОТИВОДЕ'ЙСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* каршы аракет кылуу, каршы аракет көрсөтүү.

**ПРОТИВОЕСТЕ'СТВЕННОСТЬ** *ж.* табигый эместик, табигыйга каршылык.

**ПРОТИВОЕСТЕ'СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое табигый эмес, табигый нерсеге каршы.

**ПРОТИВОЗАКО'ННО** *нареч.* законго каршы.

**ПРОТИВОЗАКО'ННОСТЬ** *ж.* законго каршылык.

**ПРОТИВОЗАКО'ННЫЙ,** -ая, -ое законго каршы; **противозакóнные дéйствия** законго каршы аракеттер.

**ПРОТИВОЗАЧА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое бойго бала болтурбас; **противозачáточные срéдства** бойго бала болтурбас дарылар.

**ПРОТИВОЛИХОРА'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* безгекке каршы; **противолихорáдочное срéдство** безгекке каршы дары.

**ПРОТИВООБЩЕ'СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое коомго каршы.

**ПРОТИВОПОЖА'РНЫЙ,** -ая, -ое өрткө каршы; **противопожáрные срéдства** өрткө каршы чаралар.

**ПРОТИВОПОКАЗА'НИЕ** *ср.* 1. *юр.* каршы көрсөтмө, каршы келе турган көрсөтмө; 2. *мед.* каршы келүү, эм болбоо, жакпоо (*колдонууга жарабай тургандык*).

**ПРОТИВОПОКА'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое *мед.* колдонууга жарабай турган, колдонгондо кайра зыян кыла турган.

**ПРОТИВОПОЛАГА'ТЬ** *несов. см.* **противоположúть.**

**ПРОТИВОПОЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* карама-каршы коюлуу, карама-каршы туруу.

**ПРОТИВОПОЛОЖИ'ТЬ** *сов. кого-что* карама-каршы коюу.

**ПРОТИВОПОЛО'ЖНОСТЬ** *ж.* 1. (*несходность*) тескерилик, карама-каршылык, тетирилик; 2. (*кто-л., что-л. противоположное*) тескерисинче, такыр башкача, окшобогон; **он — пóлная противополóжность своемý дрýгу** ал өзүнүн досунан таптакыр башкача; 3. *филос.* карама-каршылык; **единство противополóжностей** карама-каршылыктардын бирдиги.

**ПРОТИВОПОЛО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*расположенный напротив*) маңдайлаш, бет маңдай; **противополóжный бéрег** маңдай жактагы жээк; 2. (*несходный*) тескерисинче, карама-каршы, башкача, окшобогон; **противополóжное мнéние** карама-каршы пикир; **противополóжный взгляд** карама-каршы көз караш.

**ПРОТИВОПОСТА'ВИТЬ** *сов. кого-что кому-чему* 1. (*сравнить*) салыштыруу; 2. (*направить против кого-чего-л.*) каршы коюу, карама-каршы коюу.

**ПРОТИВОПОСТАВЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*сравнение*) салыштыруу; 2. (*против кого-чего-л.*) каршы коюу, карама-каршы коюу.

**ПРОТИВОПОСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **противопостáвить.**

**ПРОТИВОРЕ'ЧАЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **противорéчить**; 2. *прил.* бир-бирине каршы турган.

**ПРОТИВОРЕЧИ'ВОСТЬ** *ж.* бир-бирине каршы келе тургандык, кайчылык.

**ПРОТИВОРЕЧИ'ВЫЙ,** -ая, -ое бир-бирине каршы келе турган; **противоречúвые показáния свидéтелей** күбөлөрдүн бир-бирине каршы келе турган көрсөтүүлөрү.

**ПРОТИВОРЕ'ЧИЕ** *ср.* каршылык, карама-каршылык, тетирисинче болгондук; **клáссовые противорéчия** таптык каршылыктар; **он не тéрпит противорéчий** ал өзүнө каршы айтканды жаман көрөт; ◇ **дух противорéчия** кишиникин такыр туура деп таппоочулук, ыгы жок эле каршы чыга берүүчүлүк.

**ПРОТИВОРЕ'ЧИТЬ** *несов.* 1. *кому* (*возражать*) каршы болуу, каршы чыгуу; **он всегдá мне противорéчит** ал дайым эле мага каршы чыгат; 2. *чему* (*не соответствовать*) каршы болуу (келүү); **противорéчить действúтельности** чындыкка каршы келүү.

**ПРОТИВОСТОЛБНЯ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **противостолбнячная привúвка** *мед.* столбнякка каршы эмдөө.

**ПРОТИВОСТОЯ'НИЕ** *ср. астр.* тогошуу (*планетанын күнгө маңдайлаш тургандагы абалы*).

**ПРОТИВОСТОЯ'ТЬ** *несов. кому-чему* каршы туруу, туруштук берүү, каршылык көрсөтүү.

**ПРОТИВОТА'НКОВЫЙ,** -ая, -ое *воен.* танкыга каршы; **противотáнковое ружьё** танкыга каршы мылтык; **противотáнковая оборóна** танкыга каршы коргонуу.

**ПРОТИВОХИМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое химиялык чабуулга каршы; **противохимúческая оборóна** химиялык чабуулга каршы коргонуу.

**ПРОТИВОЦИНГО'ТНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* цинга оорусуна каршы.

**ПРОТИВОЧУ'МНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* чума оорусуна (кеселине) каршы.

**ПРОТИВОЯ'ДИЕ** *ср. мед.* уунун күчүн начарлатуучу же жоготуучу зат.

**ПРОТИРА'ТЬ** *несов. см.* **протерéть.**

**ПРОТИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **протерéться;** 2. *страд. к* **протирáть.**

**ПРОТИ'СКАТЬСЯ** *сов. разг.* кысылып өтүү (кирүү), сыгылышып өтүү (кирүү); түрткүлөшүп, түрткүлөп өтүү (кирүү); **протúскаться к вы́ходу** элдин арасынан кысылып өтүп эшикке чыгуу.

**ПРОТИ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **протúснуть.**

www.bizdin.kg

**ПРОТИ'СКИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **протискаться; 2.** *страд. к* **протискивать.**

**ПРОТИ'СНУТЬ** *сов. кого-что, разг.* өткөрүү, кийирүү (*тар кысыктан*).

**ПРОТИ'СНУТЬСЯ** *сов. см.* **протискаться.**

**ПРОТКНУ'ТЬ** *сов. кого-что* теше саюу, теше тыгуу, теше чанчуу; **проткнуть булавкой палец** бармакты төөнөгүч менен сайып алуу.

**ПРОТО'К** *м.* **1.** эки өзөндү *же* эки көлдү кошкон суунун айрыгы; **2.** *анат.* түтүк (*бириктирүүчү ичке тешик*); **слёзный проток** жаш түтүгү (*көздүн жашы агуучу түтүк*); **жёлчный проток** өт түтүгү.

**ПРОТОКО'Л** *м.* протокол.

**ПРОТОКОЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* протоколго жазуу, протоколго кийирүү.

**ПРОТОКО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **протокол**-*го т.*; протоколдук; **протокольный отдел** протокол бөлүмү.

**ПРОТОЛКА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* түрткүлөп киргизүү, түрткүлөп өткөрүү, өткөрө тыгуу.

**ПРОТОЛКА'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*протискаться*) кысылып өтүү (кирүү), сыгылышып өтүү (кирүү); түрткүлөшүп, түрткүлөп өтүү (кирүү); **2.** (*проходить без цели*) ар кайсы жерге бир тийип, максатсыз жүрө берүү (*мис. көчөдө*).

**ПРОТОЛКНУ'ТЬ** *сов. кого-что* түртүп киргизүү, түртүп тыгуу, түртүп өткөрүү, түртүп чыгаруу; ◇ **протолкнуть дело** *разг.* ишти чамдатуу (*тездетүү*).

**ПРОТОЛКНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* түртүлүшүп өтүү, түртүлүшүп кирүү.

**ПРОТО'Н** *м. физ., хим.* протон (*водороддун атомунун ядросу; бардык эле атомдук ядролордун составына кирет*).

**ПРОТОПИ'ТЬ** *сов. что* жылытуу, абдан жылытуу, абдан жагуу; **протопить печь** мешти абдан жагуу.

**ПРОТОПИ'ТЬСЯ** *сов.* жылытылуу, абдан жагып жылынуу, ысытылуу.

**ПРОТОПЛА'ЗМА** *ж. биол.* протоплазма (*бардык жаныбарлардын жана өсүмдүк клеткаларынын негизги заты*).

**ПРОТОПТА'ТЬ** *сов. что* **1.** таптап жол түшүрүү; **2.** (*износить*) көп басып, кийип жыртуу (*бут кийимди, өтүктү*).

**ПРОТОПТА'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*об обуви*) кийип жүрүп жыртылуу; **2.** (*напр. о ковре*) көп басып, көп тепсеп жыртылуу.

**ПРОТОРГОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*потерпеть убыток*) соодадан зыян табуу, соода кылып зыян көрүү; **2.** (*торговаться какое-л. время*) бир нече убакыт соодалашуу.

**ПРОТОРЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **проторить; 2.** *прил.:* **проторённая дорога** көп жүргөндөн түшкөн жол; ◇ **по проторённой дороге** башкалардын салган жолу менен.

**ПРОТОРИ'ТЬ** *сов. что, разг.* көп басып жүрүп жол түшүрүү, тааныш болуу; **проторить дорогу** көп басып жүрүп жол салуу.

**ПРОТОРЧА'ТЬ** *сов. разг.* курулай сороюп тура берүү *же* отура берүү (*белгилүү бир убак*).

**ПРОТОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **проторить.**

**ПРОТОТИ'П** *м. лит.* прототип (*биринчи, баштапкы образ, адабияттык типтин чыныгы булагы*).

**ПРОТО'ЧИНА** *ж.* **1.** (*червоточина*) курт жеп тешкен оюкча (көңдөйчө); **2.** (*скважина*) суу жеп, көңдөй болгон тешик.

**ПРОТОЧИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*проесть*) жеп тешүү, оюу; **моль проточила одежду** күбө кийимди жеп тешип койду; **2.** *тех.* (*токарным инструментом*) кырып тешүү, кырып көзөө (*токардык аспап менен*); **3.** (*промыть — о текучей воде*) жеп тешүү, оюу (*мис. аккан суу*).

**ПРОТО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое агын, акма, аккан; **проточная вода** агын суу; **проточный пруд** акма көлмө.

**ПРОТРА'ВА** *ж.* протрава (**1.** *тех. кислота менен күйдүрүп сүрөт түшүрүү;* **2.** *тех. күйдүргүч кислота; бир нерсени күйдүрүп жойгуч кислота;* **3.** *текст. кислота менен иштетүү;* **4.** *текст. кездеменин боёгун бекитүүчү же каалаган түскө киргизүүчү зат;* **5.** *с.-х. химиялык зат аркылуу үрөндү, урукту зыянкечтерден тазалоо*).

**ПРОТРАВИ'ТЕЛЬ** *м. с.-х.* протравитель (**1.** *үрөндү, урукту тазалоо үчүн колдонулуучу зат;* **2.** *үрөндү, урукту химиялык заттар менен тазалоочу машина*).

**ПРОТРАВИ'ТЬ** *сов. что* **1.** *хим.* (*выжечь кислотой*) кислота менен күйдүрүү; **2.** *тех.* (*обработать протравой*) химиялык препараттар менен иштетүү; **протравить кожу** терини (булгаарыны) химиялык препараттар менен иштетүү; **3.** *с.-х.* (*обеззаразить*) тазалоо (*химиялык зат менен үрөндөрдү зыянкечтерден тазалоо*); **протравить зерно формалином** үрөндү формалин менен тазалоо.

**ПРОТРА'ВКА** *ж.* **1.** *хим.* кислота менен күйдүрүү; **2.** *тех.* химиялык препараттар менен иштетүү; **3.** *с.-х.* тазалоо (*химиялык зат менен*).

**ПРОТРА'ВЛИВАНИЕ** *ср. см.* **протравка; протравливание семян** *с.-х.* үрөндү зыянкечтерден химиялык зат менен тазалоо.

**ПРОТРА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **протравить.**

**ПРОТРАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **протравить.**

**ПРОТРАНЖИ'РИТЬ** *сов. что, разг.* түгөтүү, сарп кылуу, жок кылуу; **протранжирить все деньги** бардык акчаны жок кылуу.

**ПРОТРЕЗВЕ'ТЬ** *сов.* масы таркоо, соолугуу.

**ПРОТРЕЗВИ'ТЬ** *сов. кого* масын таркатуу, соолуктуруу.

**ПРОТРЕЗВИ'ТЬСЯ** *сов.* масы таркоо, соолугуу.

**ПРОТРЕЗВЛЕ'НИЕ** *ср.* масы таркоо, масын таркатуу.

**ПРОТРЕЗВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **протрезвить.**

**ПРОТРЕЗВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **протрезвиться; 2.** *страд. к* **протрезвлять.**

**ПРОТРИЕРОВА'ТЬ** *сов. что, с.-х.* триерден өткөрүү (*үрөндү, данды триерден сорттоп өткөрүү*); **протриеровать зерно** данды триерден өткөрүү.

**ПРОТРУБИ'ТЬ** *сов.* **1.** керней-сурнай тартуу; **2.** *что, перен. разг.* (*разгласить*) элге жайып (таратып) жиберүү; ◇ **протрубить уши** кулактын кужурун алуу.

**ПРОТРУСИ'ТЬ** *сов. разг.* бүлкүлдөтүп желдирип жүрүп отуруу (*атчан*).

**ПРОТРЯСТИ'СЬ** *сов. разг.* жанчылып калуу.

**ПРОТУБЕРА'НЕЦ** *м. астр.* протуберанец (*күндүн сыртындагы атылып чыгарылуучу ысык газдар*).

**ПРОТУХА'ТЬ** *несов. см.* **протухнуть.**

**ПРОТУ'ХНУТЬ** *сов.* сасуу; сасып, жыттанып кетүү.

**ПРОТУ'ХШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **протухнуть; 2.** *прил.* сасыган; сасып, жыттанып кеткен; **протухшая рыба** сасыган балык; **протухшее яйцо** сасыган жумуртка.

**ПРОТЫКА'ТЬ** *несов. см.* **проткнуть.**

**ПРОТЯ'ГИВАТЬ** *несов. см.* **протянуть** 1, 2, 4.

**ПРОТЯ'ГИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **протянуться; 2.** *страд. к* **протягивать.**

**ПРОТЯЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*расстояние*) аралык, өлчөм, чен; **на протяжении десяти километров** он километр аралыкта; **2.** (*промежуток времени*) бою, ичи; **на протяжении нескольких лет** бир нече жыл бою.

**ПРОТЯЖЁННОСТЬ** *ж.* аралык, узундук, өлчөм, мейкиндик; **протяжённость участка три километра** участоктун узундугу үч километр.

**ПРОТЯЖЁННЫЙ,** -ая, -ое көлөмү, узун-туурасы бар.

**ПРОТЯ'ЖНО** *нареч.* созуп, созолонтуп, созултуп; **говорить протяжно** созуп сүйлөө; **почуяв волков, собака протяжно завыла** карышкырдын жытын алып, ит созолонтуп улуду.

**ПРОТЯ'ЖНОСТЬ** *ж.* созулгандык, созолонгондук.

**ПРОТЯ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое созулган, созолонгон; **протяжным голосом** созолонгон үн менен.

**ПРОТЯНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* созуу, сунуу, берүү; **протянуть** *кому-л.* **руку** бирөөгө колду сунуу; **протянуть**

www.bizdin.kg

ноги 1) буттарын сундуруу; 2) *перен. разг.* өлүү; 2. *что* (*натянуть*) керүү, тартуу; **протянуть телефонную линию** телефон сымын тартуу; 3. *что, перен.* (*затянуть*) созуу, узартуу; **протянуть время** убакытты созуу (узартуу); 4. *что* (*заставить долго звучать*) созуу, созо берүү (*үндү*); 5. *разг.* (*прожить*) жашоо; **этот больной долго не протянет** бул оорулуу киши көпкө жашабайт.

**ПРОТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. созулуу, сунулуу; **к нему протянулись чьи-то руки** ага бирөөнүн колу сунулду; 2. (*в пространстве*) созулуу; **дорога протянулась на сотни километров** жол жүздөгөн километрге созулуп жатат; 3. *разг.* (*вытянуться*) керилүү, чоюлуу, суналуу; **протянуться на диване** диванга узунунан суналып жатуу; 4. (*продлиться*) созулуу, узаруу.

**ПРОУ'ЛОК** *м. разг.* кичине, тар көчө.

**ПРОУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **проучить** 1.

**ПРОУЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*наказать*) жазасын берүү; 2. *что* (*учить какое-л. время*) окутуу, үйрөтүү, окуу; **он проучил уроки весь день** ал керели кечке сабак окуду.

**ПРОУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* окуу, окуп жүрүү, үйрөнүү, үйрөнүп жүрүү; **он проучился семь лет** ал жети жыл окуду.

**ПРОУ'ШИНА** *ж. тех.* тешик (*бир нерсе өткөзүлүүчү тешик; мис. балта, кетмендин үңгүсүндагы тешик*).

**ПРОФ-** *татаал сөздөрдүн «профессионалдык», «профсоюздук» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **профбилет** профсоюз билети.

**ПРОФАКТИ'В** *м.* (**профсоюзный актив**) профсоюз активи, профсоюздук актив.

**ПРОФА'Н** *м.* түк эчтеме билбеген, маалыматы жок; **профан в математике** математикадан түк эч нерсе билбеген адам.

**ПРОФАНА'ЦИЯ** *ж.* булгоо, кадырын түшүрүү; **это произведение — профанация искусства** бул чыгарма — искусствону булгоо болот.

**ПРОФАНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* булгоо, кадырын түшүрүү.

**ПРОФБИЛЕ'Т** *м.* (**профсоюзный билет**) профсоюз билети.

**ПРОФДВИЖЕ'НИЕ** *ср.* (**профессиональное движение**) профессионалдык кыймыл.

**ПРОФЕССИОНА'Л** *м.* профессионал (*кандайдыр бир ишти өзүнүн туруктуу кесиби кылып алган киши*).

**ПРОФЕССИОНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **профессия**-*га т.*; профессионалдык; **профессиональный союз** профессионалдык союз.

**ПРОФЕ'ССИЯ** *ж.* профессия, кесип; **выбор профессии** кесип тандоо; **по профессии** кесиби боюнча.

**ПРОФЕ'ССОР** *м.* профессор.

**ПРОФЕ'ССОРСКАЯ** *ж. см.* **профессорский** 2.

**ПРОФЕ'ССОРСКИЙ,** -ая, -ое 1. **профессор**-*го т.*; профессордук; **профессорское звание** профессордук наам; 2. *в знач. сущ. ж.* профессор-окутуучулар бөлмөсү (*вузларда*).

**ПРОФЕССУ'РА** *ж.* 1. (*звание и должность профессора*) профессордук (*наам жана мансап*); 2. *собир.* (*профессорский состав*) профессорлор.

**ПРОФИЛА'КТИКА** *ж.* профилактика (1. *мед. оорулардын алдын алууга, ден соолукту сактоого жана чыңоого карата көрүлгөн чаралардын жыйындысы*; 2. *тех. күн мурунтан жыртылбоо же иштен чыкпоо үчүн сактай турган чаралардын жыйындысы*).

**ПРОФИЛАКТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **профилактика**-*га т.*; профилактикалык; **профилактическое средство** профилактикалык чара; **профилактический ремонт машин** машиналарды алдын ала ремонттоо.

**ПРОФИЛАКТО'РИЙ** *м.* профилакторий (1. *мед. дарылоо-профилактикалык мекеме*; 2. *тех. машиналарды алдын ала ремонт кылуучу жай*).

**ПРОФИЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех.* профилдөө, профилин түзүү (*см.* **профиль** 2); **профилировать путь** жолду профилдөө.

**ПРО'ФИЛЬ** *м.* 1. профиль (*нерсени туурасынан, капталынан карагандагы көрүнүшү*); 2. *тех.* (*сечение, разрез чего-л.*) профиль (*бир нерсенин туурасынан, узунунан, тикесинен кесилгендеги көрүнүшү*); **профиль пути** жолдун профили; **продольный профиль** узунунан кеткен профиль; 3. профиль (*бир өнөрдү, кесипти үйрөнүү үчүн зарыл болгон билимдин жана машыгуулардын көлөмү*); **профиль инженеров-металлургов** инженер-металлургдардын профили.

**ПРОФИЛЬТРОВА'ТЬ** *сов. что* фильтирлөө, фильтрациялоо (*фильтрден өткөрүп тазалоо*).

**ПРОФКО'М** *м.* (**профсоюзный комитет**) профком (профсоюздук комитет).

**ПРОФО'РГ** *м.* (**профсоюзный организатор**) профорг (профсоюздук уюштуруучу).

**ПРОФОРГАНИЗА'ЦИЯ** *ж.* (**профсоюзная организация**) профсоюз уюму.

**ПРОФО'РМА** *ж. разг.*: **для проформы** формасы үчүн гана (*чын көңүлдөн эмес, иши кылып формасы болсо гана болгону: бир нерсени аткарууда эптеп формасы көрүнсө болду*).

**ПРОФРАБО'ТА** *ж.* (**профсоюзная работа**) профсоюз жумушу, профсоюздук жумуш.

**ПРОФРАБО'ТНИК** *м.* (**профсоюзный работник**) профсоюз кызматкери.

**ПРОФСОЮ'З** *м.* (**профессиональный союз**) профсоюз (профессионалдык союз).

**ПРОФСОЮ'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **профсоюз**-*га т.*; профсоюздук; **профсоюзная организация** профсоюз уюму, профсоюздук уюм.

**ПРОХА'ЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **пройтись.**

**ПРОХВАТИ'ТЬ** *сов. кого* 1. *разг.* кармоо, тийүү, катуу кармоо, өтүп кетүү (*суук*); **мороз прохватил до костей** суук сөөктөн өтүп кетти; 2. *прост.* (*раскритиковать*) катуу сынга алуу.

**ПРОХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **прохватить** 1.

**ПРОХВОРА'ТЬ** *сов. разг.* ооруп калуу, сыркоолоо, ноокастоо, табы жок болуу; **он прохворал три месяца** ал үч ай ооруду.

**ПРОХВО'СТ** *м. бран.* арамза, митаам.

**ПРОХЛА'ДА** *ж.* салкын, салкындык, серүүн; **вечерняя прохлада** кечки салкын.

**ПРОХЛА'ДЕЦ** *м. разг.*: **работать с прохладцем (с прохладцей)** жай салмак менен, жайбаракат, жан кыйнабай, чарчабай иштөө.

**ПРОХЛАДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое салкындаткыч, муздаткыч, суусундук, суусун; **прохладительные напитки** салкындаткыч ичимдиктер, суусундук ичимдиктер.

**ПРОХЛАДИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* салкындануу, сергүү, салкындоо.

**ПРОХЛА'ДНО** *безл. в знач. сказ.* 1. (*о погоде*) салкын, мелүүн; **на улице прохладно** эшикте салкын; 2. (*об ощущении холода*) салкын, суук, серүүн; **мне прохладно в этом пальто** бул пальтодон мен үшүп жүрөм.

**ПРОХЛА'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. салкын, серүүн, мелүүн; **прохладный вечер** салкын кеч, серүүн кеч; 2. *перен.* салкын; **их отношения стали прохладными** алардын өз ара мамилелери салкын болуп калды.

**ПРОХЛА'ДЦА** *ж. см.* **прохладец.**

**ПРОХЛАЖДА'ТЬСЯ** *несов. разг.* 1. *см.* **прохладиться**; 2. *перен.* (*бездельничать*) бекер жүрүү, эч нерседен санаасы жок куру бекер убакыт өткөрүү, иштээр-иштебексен болуп иштөө.

**ПРОХЛО'ПАТЬ** *сов. разг.* ачык оздук кылып өткөрүп жиберүү, ишти абайсыз өткөрүп жиберүү.

**ПРОХО'Д** *м.* 1. (*через что-л., между чем-л.*) жүрүү, жүрүш, өтүш; **проход через мост закрыт** көпүрөдөн өтүү-

www.bizdin.kg

гө жол жок; **2.** (*место*) өткөөл, өтүүчү жай (орун); **гóрный прохóд** тоо өткөөлү; **ýзкий прохóд** тар өткөөл; ◇ **зáдний прохóд** *анат.* көтөн; **прохóда нет** *от кого-л. разг.* *бирөөдөн* такыр кутулуу жок (*кутултпас сары желим*); **не давáть прохóда** *разг.* тынчын алуу, тынчтык бербөө, мазаны алуу, жанды койбоо.

**ПРОХОДИ'МЕЦ** *м. бран.* митаам.

**ПРОХОДИ'МОСТЬ** *ж.* **1.** (*дорог*) өтө ала тургандык, өтүүгө боло тургандык; **2.** (*об автотранспорте*) өтө ала тургандык, өтүп кете ала тургандык; **проходи́мость машин** машиналардын өтө ала турғандыгы; **3.** *мед.* өткөрө ала тургандык; **проходи́мость кишóк** ичегилердин өткөрө ала тургандыгы (*өткөрүүгө жарамдуулугу*).

**ПРО́ХОДИ'МЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **проходи́ть; 2.** *прил.* (*доступный для прохода*) өтө ала турган; **проходи́мое болóто** өтө ала турган саз.

**ПРОХОДИ'ТЬ** I *несов.* **1.** *см.* **пройти́; 2.** (*иметь направление, пролегать*) өтүү.

**ПРОХОДИ'ТЬ** II *сов. разг.* басып жүрүү, жүрө берүү; **он проходи́л цéлый час по-пустóму** ал бир саат куру бекер эле басып жүрдү.

**ПРОХО'ДКА** *ж. горн.* проходка, өткөөл (*жер алдынан казылган өткөөл*); **прохóдка шахт** шахталардын проходкасы (өткөөлү).

**ПРОХОДНО'Й**, -áя, -óе өтмө, басып өтүүчү, өтө турган, аркылуу өтүүчү; **проходнóй двор** аркылуу өтө турган короо; **проходнáя кóмната** өтмө бөлмө; **проходнáя бýдка** өтмө будка (*фабрикага, заводго ж. б. ишканаларга кире беришпе*).

**ПРОХО'ДЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **проходка**-*га т.*

**ПРОХО'ДЧИК** *м. горн.* проходчик (*жер астынан казып өткөөл чыгаруучу адис жумушчу*).

**ПРОХОЖДЕ'НИЕ** *ср.* өтүү, жүрүп өтүү.

**ПРОХО'ЖИЙ** *м.* жолоочу, каттоочу, жүргүнчү (*жөө адам*).

**ПРОХРИПЕ'ТЬ** *сов.* кыркыроо, корулдоо, кырылдоо, киркирөө, конурук тартуу.

**ПРОЦВЕТА'НИЕ** *ср.* гүлдөө, өркүндөө, өрчүү; **процветáние культýры** маданияттын гүлдөшү.

**ПРОЦВЕТА'ТЬ** *несов.* гүлдөө, өркүндөө, өрчүү.

**ПРОЦЕДИ'ТЬ** *сов. что* чыпкалоо; **процеди́ть сквозь си́то** электен чыпкалап өткөрүү; ◇ **процеди́ть сквозь зýбы** тиштенип күңкүлдөө.

**ПРОЦЕДУ'РА** *ж.* **1.** (*порядок выполнения*) процедура (*бир ишти аткаруу тартиби*); **процедýра подписáния договóра** келишимге кол коюунун процедурасы; **судéбная процедýра** сот процедурасы; **2.** *мед.* (*лечебное мероприятие*) процедура (*дарылоонун айрым түрү: ванна, электр менен дарылоо ж. б.*).

**ПРОЦЕДУ'РНЫЙ**, -ая, -ое **1. процедура**-*га т.*; **2.** *в знач. сущ. ж.* процедурная (*медициналык процедуралар өткөрүлүүчү бөлмө*).

**ПРОЦЕ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **процеди́ть.**

**ПРОЦЕ'НТ** *м.* процент; **прáвило процéнтов** *мат.* процентердин эрежеси; **вы́полнить план на стó процéнтов** планды жүз процент орундатуу.

**ПРОЦЕ'НТНЫЙ**, -ая, -ое **процент**-*ке т.*; процентик; **процéнтный заём** процентик заём; **процéнтные бумáги** процентик кагаздар (*белгилүү бир пайда алып келүүчү, берүүчү*); **процéнтная надбáвка** процентик кошумча; **процéнтное отношéние** *мат.* процентик катыш.

**ПРОЦЕ'СС** *м.* **1.** (*ход развития*) процесс (*бир нерсенин жүрүшүнүн, иштелишинин абалы*); **процéсс разви́тия** өнүгүш процесси; **произвóдственный процéсс** өндүрүш процесси; **хими́ческий процéсс** химиялык процесс; **в процéссе рабóты** иштин процессинде (жүрүшүндө); **2.** *мед.* процесс (*оорунун жүрүшү*); **процéсс в лёгких** өпкөдөгү процесс; **3.** *юр.* процесс (*сот иши*); **уголóвный процéсс** кылмыш процесси; **граждáнский процéсс** граждандык процесс.

**ПРОЦЕ'ССИЯ** *ж.* процессия (*көп адам катышкан жүрүш*); **похорóнная процéссия** көмүү процессиясы, аза процессиясы.

**ПРОЦЕССУА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **процесс** 3-*кө т.*; процессуалдык; **процессуáльное прáво** процессуалдык укук (*сот ишин жүргүзүү аркылуу белгилене турган эреже*).

**ПРОЦИТИ'РОВАТЬ** *сов. кого-что* цитата келтирүү.

**ПРОЧЁРКИВАТЬ** *несов. см.* **прочеркнýть.**

**ПРОЧЕРКНУ'ТЬ** *сов. что, разг.* сызуу, сызып коюу.

**ПРОЧЕРТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* сызык сызуу, сызык жүргүзүү; **прочерти́ть кривýю** ийри сызык сызуу; **2.** (*какое-л. время*) сызуу, сыза берүү; **он прочерти́л весь день** ал кечке сызды.

**ПРОЧЕ'РЧИВАТЬ** *несов. см.* **прочерти́ть** 1.

**ПРОЧЕСА'ТЬ** *сов. что* **1.** *тех.* тароо, тарап тазалоо (*сыдырып*); **прочесáть лён** зыгырдын буласын тарап тазалоо; **прочесáть шерсть** жүндү тарап тазалоо; **2.** *перен.* абдан текшерип, карап чыгуу; **пехóта прочесáла лес** пехота токойду абдан карап чыкты.

**ПРОЧЕ'СТЬ** *сов. кого-что* окуу, окуп бүтүү, окуп чыгуу; **он прочёл моё письмó** ал менин катымды окуп чыкты.

**ПРОЧЁСЫВАНИЕ** *ср.* **1.** *тех.* тароо, тарап тазалоо; **2.** *перен.* (*пространства, участка*) абдан текшерип, карап чыгуу.

**ПРОЧЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **прочесáть.**

**ПРОЧЁТ** *м. разг.* эсептен жаңылуу, эсепте жаңылыш кетирүү.

**ПРО'ЧИЙ**, -ая, -ее башка, калган; ◇ **и прóчее** (*сокр.* **и пр.**) дагы башкалар, жана башкалар (*кыскартылган түрү ж. б.*); **мéжду прóчим** айтмакчы, дегинкисин айтканда; **поми́мо всегó прóчего** булардын бардыгынан тышкары.

**ПРОЧИ'СТИТЬ** *сов. что* тазалоо, тазалап коюу (чыгуу); **прочи́стить трубý** морду тазалоо; **прочи́стить** *кому-л.* **желýдок** *мед. бирөөнүн* ичин сүрдүрүп тазалоо.

**ПРОЧИ'СТКА** *ж.* тазалоо.

**ПРОЧИТА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* окуу, окуп чыгуу, окуп бүтүү; **прочитáть кни́гу** китепти окуп чыгуу; **2.** (*какое-л. время*) окуу, окуп чыгуу; **он прочитáл всю ночь** ал түнү бою окуп чыкты.

**ПРОЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **прочитáть.**

**ПРО'ЧИТЬ** *несов. кого-что* белгилөө, жоромолдоо, күн мурун ыйгаруу; **егó прóчат в председáтели** аны председателдикке белгилеп жатышат.

**ПРОЧИЩА'ТЬ** *несов. см.* **прочи́стить.**

**ПРО'ЧНО** *нареч.* бекем, бек, бышык, мыкты.

**ПРО'ЧНОСТЬ** *ж.* бекемдик, бектик, бышыктык, мыктылык; **прóчность óбуви** бут кийимдердин бышыктыгы.

**ПРО'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **1.** бекем, бышык, мыкты; **прóчная ткань** бышык кездеме; **2.** *перен.* (*устойчивый*) бекем, туруктуу; **прóчный мир** бекем тынчтык.

**ПРОЧТЕ'НИЕ** *ср.* окуп чыгуу, окуп бүтүрүү; **по прочтéнии кни́ги её нáдо возврати́ть** китепти окуп чыгар менен кайтарып берүү керек.

**ПРОЧУ'ВСТВОВАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **прочýвствовать; 2.** *прил.* сезим менен болгон, чын дили менен болгон; **прочýвствованная речь** сезим (чын дили) менен айткан сөз (речь).

**ПРОЧУ'ВСТВОВАТЬ** *сов. что* **1.** (*понять чувством*) сезим менен маанисине түшүнүү; **2.** (*испытать*) сезүү, баштан өткөрүү (*кыйынчылыктарды*).

**ПРОЧЬ** *нареч.* **1.** (*в сторону*) нары, ары; **он бы́стро пошёл прочь от меня́** ал менден шарт бөлүнүп басып кетти; **уберите прочь** ары алгыла; **2.** (*вон*) жогол!, кет!; **прочь отсю́да!** бул жерден жогол!; **прочь с дорóги!** жолдон кет!; **поди́ прочь!** жогол ары!; **прочь с глаз мои́х!** менин көзүмө көрүнбөй жогол!; ◇ **рýки прочь!** колуңду тарт!; **не прочь** *в знач. сказ. с неопр. разг.* дапдаяр, качпоо; **он не прочь отдохнýть** ал эс алуудан качпай калсын.

**ПРОШЕ'ДШЕЕ** *ср. см.* **прошéдший** 3.

www.bizdin.kg

**ПРОШЕ'ДШИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **пройти́; 2.** *прил.* өткөн, өтүп кеткен (*минувший, прошлый*); **прошéдшей зимóй** өткөн кышта; **прошéдшее врéмя** *грам.* өткөн чак; **3.** *в знач. сущ. ср.* өткөн мезгил (чак, убак).

**ПРОШЕ'НИЕ** *ср. уст.* арыз; **подáть прошéние** арыз берүү.

**ПРОШЕПТА'ТЬ** *сов. что* шыбыроо, шыбырап айтуу.

**ПРОШЕ'СТВИЕ** *ср.*: **по прошéствии** өткөндөн кийин; **по прошéствии одногó гóда** бир жыл өткөндөн кийин; **по прошéствии срóка** мөөнөтү өткөндөн кийин.

**ПРОШИБА'ТЬ** *несов. см.* **прошиби́ть.**

**ПРОШИБИ'ТЬ** *сов. разг.* **1.** *что* (*пробить*) теше уруу, теше согуу; **прошиби́ть стеклó** айнекти теше уруу; **2.** *кого* (*оказать сильное действие*) таасир кылуу, жетүү; **словáми егó не прошибёшь** ага сөз жетпейт, айткан сөз ага жетип жарыбайт; ◇ **егó пот прошиб** аны кара тер басты.

**ПРОШИВА'ТЬ** *несов. см.* **проши́ть.**

**ПРОШИ'ВКА** *ж.* **1.** *действие* тигүү, шырып тигүү, кайып тигүү, көктөп тигүү; **2.** (*кружево*) прошивка (*көйнөк, жаздык тыш ж. б. четине кармалуучу тор*).

**ПРОШИПЕ'ТЬ** *сов. что* **1.** кышылдоо, ышылдоо, шырылдоо, чырылдоо; **2.** *перен.* ышылдап шыбыроо (*ачуулангында*).

**ПРОШИ'ТЬ** *сов. что* **1.** тигүү, шырып тигүү, кайып тигүү, көктөп тигүү; **проши́ть подóшву** таманды көктөп тигүү; **2.** *тех.* металлдан көзөнөк, тегерек тешик чыгаруу.

**ПРОШЛОГО'ДНИЙ,** -яя, -ее өткөн жылкы, өткөн жылдагы, былтыркы; ◇ **(нýжно) как прошлогóдний снег** такыр керексиз, түк керги жок.

**ПРО'ШЛОЕ** *ср. см.* **прóшлый 2.**

**ПРО'ШЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** өткөн; **в прóшлом годý** былтыр, өткөн жылы; **прóшлый раз** өткөн жолу; **на прóшлой недéле** өткөн жумада; **2.** *в знач. сущ. ср.* 1) (*минувшее время*) өткөн мезгил (убак, чак); **в недалёком прóшлом** жакында эле; 2) (*события*) болуп өткөн окуялар, байыркы турмуш, өткөндөгү; ◇ **отойти́ в прóшлое** өтүп кетүү, жоголуу (*мис. урп-адат, эски курал-жабдык*); **дéло прóшлое** *разг.* өтүп кеткен ишке салабат.

**ПРОШЛЯ'ПИТЬ** *сов. что, прост.* байкабастан өткөрүп жиберүү, мажүрөөлүк кылып салуу.

**ПРОШМЫГНУ'ТЬ** *сов. разг.* жылт коюу, жылт коюп өтүү (кирүү, чыгуу); **прошмыгнýть в дверь** эшиктен жылт коюп өтүү.

**ПРОШНУРОВА'ТЬ** *сов. что* шнурдоо, шнур тагуу, боо өткөрүп байлоо, боо тагуу; **прошнуровáть контóрские кни́ги** контора китептерин шнурдап бекитүү.

**ПРОШНУРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **прошнуровáть.**

**ПРОШПАКЛЕВА'ТЬ** *сов. что* шпаклёвкалоо, шпаклёвка кылуу; шыбап бүтөө; **прошпаклевáть деревя́нный пол** тактай полду шпаклёвка кылуу (*жылчык-жылчыктарды замазка менен тегиздөө*).

**ПРОШПАКЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **прошпаклевáть.**

**ПРОШТРА'ФИТЬСЯ** *сов. разг.* жазык кылуу, күнөө кылуу, күнөөлүү болуу.

**ПРОШТУДИ'РОВАТЬ** *сов. что* мыктылап ыкылас менен окуп чыгуу, абдан бышыктоо, абдан окуу; **проштуди́ровать статью́** макаланы мыктылап ыкылас менен окуп чыгуу.

**ПРОШТУКАТУ'РИТЬ** *сов. что* штукатуркалоо, шыбактоо, шыбоо, шыбап чыгуу; **проштукатýрить стéну** дубалды шыбоо.

**ПРОШУМЕ'ТЬ** *сов.* **1.** чуулдоо, шуулдоо, чуркуроо; **2.** *перен.* (*стать известным*) атагы чыгуу, даңкы чыгуу; **егó и́мя прошумéло по всемý ми́ру** анын аты бүткүл дүйнөгө дүркүрөп жайылды.

**ПРОЩА'Й!** кош!, кайыр кош!; **прощáйте!** кошуңуз!, кошкула!, кош болуңуз!

**ПРОЩА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое прощание-*ге т.*; **прощáльный концéрт** коштошуу концерти.

**ПРОЩА'НИЕ** *ср.* коштошуу, кош айтышуу, ажырашуу; ◇ **на прощáние** коштошордо, кетип баратканда.

**ПРОЩА'ТЬ** *несов. см.* **прости́ть.**

**ПРОЩА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **прости́ться; 2.** *страд. к* **прощáть.**

**ПРО'ЩЕ 1.** *сравн. ст. от прил.* **простóй** жөнөкөй, жөнөкөйүрөөк; **нóвая систéма маши́ны горáздо прóще** машинанын жаңы системасы бир кыйла жөнөкөй; **2.** *сравн. ст. от нареч.* **прóсто** жөнөкөй, жөн гана, жеңил, оңой гана; **он смотрéл на дéло прóще** ал ишке «боло берет» деп жеңил гана карады.

**ПРОЩЕЛЫ'ГА** *м. и ж. прост. бран.* алдамчы, митаам.

**ПРОЩЕ'НИЕ** *ср.* кечирим; **проси́ть прощéния** кечирим суроо.

**ПРОЩУ'ПАТЬ** *сов.* **1.** *что* сыйпалап байкоо, кармалап байкоо, кармалап көрүү; **прощýпать óпухоль** шишикти кармалап байкап көрүү; **2.** *кого-что, перен.* ичкелеп билүү, бирөө жөнүндө абайлап билип алуу, жибин тартып көрүү, алдыртан байкап көрүү.

**ПРОЩУ'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **прощýпать.**

**ПРОЩУ'ПЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** колго урунуп туруу, сыйпаганда сезилүү; **óпухоль не прощýпывается** шишик колго урунбай жатат; **2.** *страд. к* **прощýпывать.**

**ПРОЭКЗАМЕНОВА'ТЬ** *сов. кого* экзамен алуу, сыноодон өткөрүү.

**ПРОЭКЗАМЕНОВА'ТЬСЯ** *сов.* экзаменден өтүү, экзамен берүү, сыноодон өтүү.

**ПРОЯВИ'ТЕЛЬ** *м. фото* проявитель (*негативдерди өңүнө чыгаруучу химиялык препарат*).

**ПРОЯВИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*обнаружить*) көрсөтүү, кылуу; **прояви́ть хрáбрость** эрдик көрсөтүү; **прояви́ть герои́зм** баатырдык көрсөтүү; **прояви́ть свои́ знáния** өзүнүн билгендигин (билимин) көрсөтүү; **прояви́ть инициати́ву** демилге көрсөтүү; **прояви́ть нетерпéние** чыдамсыздык кылуу; **2.** *фото* өңүнө чыгаруу; **прояви́ть сни́мок** негативге тартылган сүрөттү өңүнө чыгаруу (*атайы химиялык препарат менен*).

**ПРОЯВИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*обнаружиться*) көрүнүү, билинүү, сезилүү; **у негó прояви́лись бóльшие музыкáльные спосóбности** анын музыкага абдан шыктуулугу билинди; **2.** *фото* өңүнө чыгарылуу, өңүнө чыгуу, **сни́мок хорошó прояви́лся** негативге тартылган сүрөт өңүнө жакшы чыкты.

**ПРОЯВЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** көрсөтүү; көрүнүү, билинүү, сезилүү; **э́то проявлéние забóты трóнуло меня́** камкордуктун мындай көрүнүшү ичимди жылытты; **2.** *фото* өңүнө чыгаруу (*негативге түшүрүлгөн сүрөттү*).

**ПРОЯВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **прояви́ть.**

**ПРОЯВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **прояви́ться; 2.** *страд. к* **проявля́ть.**

**ПРОЯСНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** эсине келе баштоо, ордуна келе баштоо, эске келүү; **прояснéние мы́слей** акыл-эси ордуна келе баштоо; **2.** (*погоды*) ачылуу; **прояснéние погóды** күндүн ачылышы.

**ПРОЯ'СНЕТЬ** *сов. безл., разг.* ачылуу; **нéбо проя́снело** күн ачылып кетти.

**ПРОЯСНЕ'ТЬ** *сов.* ачылуу, сергек тартуу; **взор прояснéл** кабагы ачылды.

**ПРОЯ'СНИТЬСЯ** *сов. разг. см.* **проя́снеть; нéбо проя́снилось** асман ачылды, асман ачык болду.

**ПРОЯСНИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать отчётливым*) ачык (даана) көрүнүп калуу; **2.** (*стать ясным*) эсине келүү, сергек болуу; **у негó прояснилóсь сознáние** ал эсине келди; **головá проясни́лась** баш сергек болду.

**ПРОЯСНЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **проясни́ться.**

**ПРУД** *м.* жасалма көлмө, авиз.

www.bizdin.kg

**ПРУДИ'ТЬ** *несов. что* көлмө тосуу, сууну тосуп көлмө жасоо; ◇ **хоть пруд пруди́** *разг.* абдан көп, алып түгөнгүс, батпайт, жыкжыйма.

**ПРУДОВО'Й,** -а́я, -о́е пруд-*га т.*; **прудова́я вода́** көлмөнүн суусу; **прудова́я ры́ба** көлмөнүн балыгы.

**ПРУЖИ'НА** *ж.* 1. пружина; **часова́я пружи́на** сааттын пружинасы; **боева́я пружи́на** от алдыруучу пружина, тепкич пружина (*мылтыкта*); 2. *перен. разг.* тетиги болгон; **нажа́ть на все пружи́ны** бардык аракетти иштөө, бардык чараны көрүү; **он явля́ется гла́вной пружи́ной в э́том де́ле** ал — бул иштин негизги мык чегери.

**ПРУЖИ'НИСТОСТЬ** *ж.* серпилмелик, солкулдактык, пружинадай болгондук.

**ПРУЖИ'НИСТЫЙ,** -ая, -ое серпилме, солкулдак, пружинадай.

**ПРУЖИ'НИТЬ** *несов.* серпилүү, солкулдоо, пружинадай болуу.

**ПРУЖИ'НИТЬСЯ** *несов.* серпилүү, солкулдоо, пружинадай болуу.

**ПРУЖИ'ННЫЙ,** -ая, -ое пружиналуу; **пружи́нный матра́ц** пружиналуу матрац.

**ПРУСА'К** *м.* (*таракан*) күрөң таракан.

**ПРУТ** *м.* чыбык, чырпык; **и́вовый прут** тал чыбык; **металли́ческий прут** темир чыбык (*чыбыктай ичке темир*).

**ПРУ'ТИК** *м. уменьш. от* **прут** чыбыкча, чырпыкча, кичинекей чыбык, кичинекей чырпык.

**ПРУТКО'ВЫЙ,** -ая, -ое: **прутко́вое желе́зо** *тех.* чыбык темир, чыбыктай темир.

**ПРЫ'ГАНЬЕ** *ср.* секирүү, ыргуу.

**ПРЫ'ГАТЬ** *несов.* 1. *см.* **пры́гнуть; пры́гать на одно́й ноге́** бир буту менен секирүү, аттоо; 2. *перен.* туйлоо; **се́рдце пры́гает от ра́дости** сүйүнгөндүктөн жүрөк туйлайт.

**ПРЫ'ГНУТЬ** *однокр.* секирүү, секирип түшүү, ыргуу.

**ПРЫГУ'Н** *м.* секиргич.

**ПРЫГУ'НЬЯ** *женск. р. к* **прыгу́н.**

**ПРЫЖО'К** *м.* секирүү, каргуу, ыргуу, секирик; **прыжо́к в высоту́** бийиктикке секирүү; **прыжо́к в длину́** узундукка секирүү; **прыжо́к с разбе́га** чуркап келип секирүү; **прыжо́к ла́сточкой** (*в воду*) бийиктен, колду сунуп, төбөсү менен түшүп чумкуу; **прыжо́к с парашю́том** парашют менен секирүү.

**ПРЫ'СКАТЬ** *несов. см.* **пры́снуть.**

**ПРЫ'СКАТЬСЯ** *несов. разг.* бүркүнүү, себинүү, куюнуу; **пры́скаться духа́ми** атыр себинүү.

**ПРЫ'СНУТЬ** *сов. разг.* 1. (*брызнуть*) бүркүү, себүү; **пры́снуть в лицо́ одеколо́ном** бетке атыр себүү, бетке атыр бүркүү; 2. *перен.* (*разразиться смехом*): **пры́снуть** *или* **пры́снуть со́ смеху** бырс күлүп жиберүү; **он так и пры́снул** ал бырс күлүп жиберди.

**ПРЫ'ТКИЙ,** -ая, -ое *разг.* шамдагай, чыйрак, бышык, сергек.

**ПРЫ'ТКОСТЬ** *ж. разг.* шамдагайлык, чыйрактык, бышыктык, сергектик.

**ПРЫТЬ** *ж. разг.* 1.: **во всю прыть** жанынын бардыгынча, тызылдап, бардык күчү менен (*жүгүрүү*); 2. (*бойкость, проворство*) шамдагайлык, чыйрактык, бышыктык, сергектик; **отку́да у него́ така́я прыть?** ал кайдан жүрүп мындай чыйрак болуп кетти?; **от него́ не ожида́ли тако́й пры́ти** андан мындай шамдагайлыкты күткөн эмес элек.

**ПРЫЩ** *м.* ысык, безетки; **лицо́ в прыща́х** ысык чыккан бет, безетки баскан бет.

**ПРЫЩА'ВЫЙ,** -ая, -ое ысык, безетки чыккан (*сиркектенип чыккан ысыгы көп*).

**ПРЫЩЕВА'ТЫЙ,** -ая, -ое бир аз ысык, безетки чыккан төңдүү.

**ПРЫ'ЩИК** *м. уменьш. от* **прыщ** сиркектенип чыккан майда ысык.

**ПРЮНЕ'ЛЕВЫЙ,** -ая, -ое прюнель-*ге т.*; **прюне́левые ту́фли** прюнель туфли, прюнелден жасалган туфли.

**пятью́** *твор. п. от* **пять.**

**пятью́десятью** *твор. п. от* **пятьдеся́т.**

**пятьюста́ми** *твор. п. от* **пятьсо́т.**

www.bizdin.kg

# Р

**РАБ** *м.* 1. кул; 2. *перен.* өз эркин бир адатка баш ийдирген адам.

**РАБА'** *ж. см.* **рабыня.**

**РАБКО'Р** *м.* (рабо́чий корреспонде́нт) рабкор (жумушчу кабарчы).

**РАБКО'РОВСКИЙ,** -ая, -ое **рабкор**-*го т.*

**РАБОВЛАДЕ'ЛЕЦ** *м.* кул ээси, кул ээлөөчү.

**РАБОВЛАДЕ'ЛЬЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **рабовладение**-*ге*, **рабовладелец**-*ке т.*; **рабовладе́льческий строй** кул ээлөөчүлүк (коомдук) түзүлүш.

**РАБОВЛАДЕ'НИЕ** *ср.* кул ээлөө, кул кулдануу.

**РАБОЛЕ'ПИЕ** *ср. презр.* көшөкөрлөнүү, жагынуу, кошамат кылуу.

**РАБОЛЕ'ПНЫЙ,** -ая, -ое *презр.* көшөкөр, көшөкөрлөнгөн, жагынуучу, кошаматчы.

**РАБОЛЕ'ПСТВО** *ср. презр.* көшөкөрдүк, жагынуучулук, кошаматчылык.

**РАБОЛЕ'ПСТВОВАТЬ** *несов. презр.* көшөкөрлөнүү, жагынуу, кошамат кылуу.

**РАБО'ТА** *ж.* 1. (*деятельность*) жумуш, иш; **рабо́та маши́ны** машинанын иши (жумушу); **рабо́та се́рдца** жүрөктүн иштеши; 2. (*занятие, труд*) эмгек, жумуш, кызмат; **физи́ческая рабо́та** кара жумуш; **у́мственная рабо́та** мээ иши; **нау́чная рабо́та** илимий кызмат; 3. **рабо́ты** *мн. юр.* жумуштар, иштер; **принуди́тельные рабо́ты** эрксиз жумуштар; 4. (*производственная деятельность*) жумуштар, иштер; **рабо́ты по преобразова́нию приро́ды** жаратылышты кайра өзгөртүү боюнча жумуштар; **полевы́е рабо́ты** талаа жумуштары; 5. (*служба*) кызмат; **ме́сто рабо́ты** кызмат орду; **постоя́нная рабо́та** туруктуу кызмат; 6. (*обрабатываемые материалы*) иш, жумуш; **разда́ть рабо́ту** иш таратып берүү; **сдать рабо́ту в срок** ишти өз убагында (мөөнөтүндө) тапшыруу; 7. (*научное произведение*) эмгек; **у него́ мно́го печа́тных рабо́т** анын басмага басылган эмгектери көп; 8. *школ.* жумуш, иш; **пи́сьменная рабо́та** жазуу жумушу; ◇ **взять в рабо́ту** *разг.* тезге салуу.

**РАБО'ТАТЬ** *несов. в разн. знач.* иштөө, жумуш кылуу, кызмат кылуу; ◇ **рабо́тать над собо́й** өзүнчө окуп билимин арттыруу (жетилүү); **рабо́тать локтя́ми** чыканагы менен түрткүлөп кирүү.

**РАБО'ТАТЬСЯ** *несов. безл.* иштелүү; **сего́дня хорошо́ рабо́тается** бүгүн жакшы иштелип жатат, бүгүн иш жакшы жүрүп жатат.

**РАБО'ТНИК** *м.* жумушчу, кызматкер, кызматчы; **квалифици́рованный рабо́тник** квалификациялуу кызматчы; **нау́чный рабо́тник** илимий кызматчы; **парти́йный рабо́тник** партиялык кызматчы, партиялык уюмдарда иштеген кызматчы.

**РАБО'ТНИЦА** *женск. р. к* **рабо́тник; дома́шняя рабо́тница** үй кызматында жалданып иштеген аял.

**РАБОТОРГО'ВЕЦ** *м.* кул менен соода кылуучу, кул сатуучу.

**РАБОТОРГО'ВЛЯ** *ж.* кул соодасы, кул сатуу.

**РАБОТОСПОСО'БНОСТЬ** *ж.* ишке (жумушка) жөндөмдүүлүк, ишке (жумушка) ийкемдүүлүк.

**РАБОТОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*могущий работать*) ишке (жумушка) жөндөмдүү, ишке (жумушка) ийкемдүү; 2. (*способный много работать*) көп, узак иштей ала турган.

**РАБОТЯ'ГА** *м. и ж. разг.* ишке (жумушка) шыктуу, ишке (жумушка) дилгир.

**РАБОТЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее *разг.* ишке (жумушка) шыктуу, ишке (жумушка) дилгир, мыкты иштөөчү; **работя́щий па́рень** мыкты иштөөчү жигит, жумушка шыктуу жигит.

**РАБО'ЧЕ-КРЕСТЬЯ'НСКИЙ,** -ая -ое: **Рабо́че-Крестья́нская Кра́сная А'рмия** Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясы.

**РАБО'ЧИЙ** I *м.* жумушчу; **сельскохозя́йственный рабо́чий** айыл чарба жумушчусу.

**РАБО'ЧИЙ** II, -ая, -ее 1. **рабочий** I-*ге т.*; **рабо́чий класс** жумушчулар табы; **рабо́чее движе́ние** жумушчулар кыймылы; **рабо́чая молодёжь** жумушчу жаштар; **рабо́чий наро́д** эмгекчи эл; 2. (*производящий полезную работу*) жумушчу; **рабо́чий скот** жумушчу мал, унаа; **рабо́чая пчела́** *см.* **пчела́**; 3. *тех.* (*выполняющий работы*) иштөөчү; **рабо́чие ча́сти маши́ны** машинанын иштөөчү бөлүктөрү; 4. (*для работы*) **работа**-*га т.*; **рабо́чее ме́сто** жумуш кылуучу орун; **рабо́чий костю́м** жумушка кийүүчү костюм; **рабо́чее вре́мя** жумуш убагы; 5. (*служащий руководством для проведения работы*) жумушка жардамчы болуучу; **рабо́чий план** иш планы, **рабо́чий чертёж** ишке жетекчиликке алынуучу чертёж.

**РА'БСКИ** *нареч.* кулча, кулдарча; кыңк этпей.

**РА'БСКИЙ,** -ая, -ое 1. **раб**-*га т.*; кулдук, **ра́бский труд** *прям. и перен.* кул эмгеги; **ра́бское положе́ние** кулдук абал; 2. *перен.* (*покорный, беспрекословный*) кыңк этпеген, сын көзү менен карабаган; **ра́бская поко́рность** кыңк этпей багынуу; 3. *перен. презр.* (*угодливый*) көшөкөрлөнгөн, көшөкөр.

**РА'БСТВО** *ср.* кулдук, кулчулук; **быть в ра́бстве** *у кого-л.* *бирөөдө* кулдукта болуу, *бирөөгө* кул болуу; **томи́ться в ра́бстве** кулдукта эзилүү; **освободи́ться от ра́бства** кулдуктан бошонуу.

**РАБФА'К** *м.* (рабо́чий факульте́т) рабфак (жумушчулар факультети).

**РАБФА'КОВЕЦ** *м.* рабфактын окуучусу.

**РАБФА'КОВСКИЙ,** -ая, -ое **рабфак**-*ка т.*

**РАБЫ'НЯ** *ж.* күң.

**РАВВИ'Н** *м.* раввин (*еврейлердин дин башчысы*).

**РАВЕЛИ'Н** *м. воен. уст.* равелин (*крепость жанындагы кошумча курулуш, үй*).

**РА'ВЕНСТВО** *ср.* 1. бирдейлик, барабардык, теңдик; **ра́венство сил** күчтүн бирдейлиги; 2. (*равноправие*) тең укуктуулук, теңдик, теңчилик; 3. *мат.* барабардык; **знак ра́венства** барабардык белгиси.

**РАВНЕ'НИЕ** *ср.* 1. *воен.* тегизделүү, түзөлүү; **равне́ние напра́во!** (*команда*) оңго тегиздел!; 2. *перен.* теңелүү; **равне́ние на передовико́в произво́дства** өндүрүштүн алдыңкыларына теңелүү.

**РАВНИ'НА** *ж.* түздүк, түзөң.

**РАВНИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **равнина**-*га т.*; **равни́нная ме́стность** түзөң жай, талаа.

**РАВНО'** 1. *нареч. уст.* (*одинаково*) бирдей; **равно́ краси́вы го́ры и леса́** тоолор жана токойлор бирдей сулуу; 2. *в знач. сказ.* барабар, болот; **пять плюс четы́ре равно́ девяти́** бешке төрттү кошкондо тогуз болот; 3. *союз* (*как и*) да, менен катар; **он ду́мает о рабо́те це́ха, а равно́ и о рабо́те всего́ заво́да** ал цехтин жумушу жөнүндө ойлойт, ошону менен катар, бүткүл заводдун иши жөнүндө да ойлойт; ◇ **равно́ как и...** ошол өңдүү, ошол сыяктуу; **мне всё равно́** 1) (*безразлично*) мага баары бир; 2) (*несмотря ни на что*) эч нерсеге карабай, эч нерсеге карабастан.

**РАВНОБЕ'ДРЕННЫЙ,** -ая, -ое *мат.* тең капталдуу, тең жактуу; **равнобе́дренный треуго́льник** тең капталдуу үч бурчтук.

**РАВНОВЕЛИ'КИЙ,** -ая, -ое *мат., физ.* чоңдугу бирдей; **равновели́кие тела́** *физ.* тең чоңдуктагы телолор.

**РАВНОВЕ'СИЕ** *ср.* 1. теңдештик, тең салмак; **равнове́сие сил** күчтөрдүн теңдештиги; **усто́йчивое равнове́сие** туруктуу теңдештик; **неусто́йчивое равнове́сие** туруксуз

www.bizdin.kg

тендештик; **сохранить равновесие** 1) калтаарыбай өзүн өзү кармоо, боюн кармай алуу; 2) *перен.* таразалоо, тең кылып кармоо; **терять равновесие** 1) тең салмагын кармай албоо, жоготуп калталактоо (*мис. шыргыйдын үстү менен басканда ж. б.*); 2) *перен.* күйкөлөктөнүү; 2. *перен.* сабыр сактоочулук, сабырдуулук, күйкөлөктөнбөөчүлүк, ачууга *же* коркунучка *же* кубанычка эң эле берилип кетпөөчүлүк, оор басырыктуулук; **вывести из равновесия** күйкөлөктөнтүү; **душевное равновесие** акыл-эстин бир калыпта болушу.

**РАВНОДЕ'ЙСТВУЮЩАЯ** *ж. физ. см.* **равнодействующий** 2.

**РАВНОДЕ'ЙСТВУЮЩИЙ,** -ая, -ее *физ.* 1. бирдей аракет кылуучу; **равнодействующая сила** бирдей аракет кылуучу күч (*бир нече күчкө барабар келе турган бир күч*); 2. *в знач. сущ. ж.* бирдей аракет кылуучу күч (*бир нече күчтүн ордун басуучу күч*).

**РАВНОДЕ'НСТВИЕ** *ср. астр.* күн-түн теңелүү (*жазында күн менен түн 21-мартта, күзүндө болсо, 23-сентябрде теңелет*).

**РАВНОДУ'ШИЕ** *ср.* көңүл коштук, кош көңүлдүк, камаарабастык; **проявить равнодушие** көңүл коштук кылуу; **отнестись с равнодушием** көңүл коштук менен мамиле кылуу.

**РАВНОДУ'ШНО** *нареч.* көңүл кош, кош көңүл, мейли деп, камаарабай; **смотреть равнодушно** *на что-л.* *бир нерсеге* көңүл кош, мейли деп кароо.

**РАВНОДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*безразличный*) көңүл кош, кош көңүл, камаарабаган; **равнодушный взгляд** көңүл кош көз караш; 2. *разг.* (*не испытывающий интереса, любви*) кызыкпаган, көңүл чаппаган; **он равнодушен к спорту** ал спортко кызыкпайт.

**РАВНОЗНА'ЧАЩИЙ,** -ая, -ее *см.* **равнозначный.**

**РАВНОЗНА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое маанилеш, мааниси бирдей, окшош, сыяктуу.

**РАВНОМЕ'РНО** *нареч.* бир кылка, текши, бир калыпта; **равномерно распределить** *что-л.* *бир нерсени* бирдей кылып үлөштүрүү; **равномерно ускоренное движение** *физ.* текши ылдамдатылган кыймыл; **равномерно замедленное движение** *физ.* бир калыпта жайлатылган кыймыл.

**РАВНОМЕ'РНОСТЬ** *ж.* бир калыптуулук (*кыймылдын, тездиктин, акырындатуунун ж. б.*); **равномерность движения** кыймылдын бир калыптуулугу.

**РАВНОМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое бир кылка, текши, бир калыпта; **равномерное развитие** бир калыпта өнүгүү; **равномерное движение** *физ.* бир калыптагы кыймыл; **равномерное ускорение** *физ.* текши ылдамдатуу; **равномерное замедление** *физ.* бир калыпта жайлатуу.

**РАВНООТСТОЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее *мат.* тең (бирдей) алыстыкта турган.

**РАВНОПЛЕ'ЧИЙ,** -ая, -ее *физ., тех.* ийни бирдей; **равноплечий рычаг** ийни бирдей рычаг.

**РАВНОПРА'ВИЕ** *ср.* теңчилик, тең укуктуулук; **равноправие граждан СССР** СССР граждандарынын тең укуктуулугу; **равноправие женщин** аялдардын тең укуктуулугу.

**РАВНОПРА'ВНЫЙ,** -ая, -ое тең укуктуу, бирдей укуктуу.

**РАВНОСИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*равной силы*) күчү бирдей, күчү тең; 2. *перен.* барабар, барабар келген, бирдей; **это равносильно поражению** бул жеңилген менен барабар, бул жеңилген менен бирдей.

**РАВНОСТОРО'ННИЙ,** -яя, -ее *мат.* тең жактуу; **равносторонний треугольник** тең жактуу үч бурчтук.

**РАВНОУГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *мат.* бирдей бурчтуу, бурчу бирдей; **равноугольный многоугольник** бирдей бурчтуу көп бурчтук.

**РАВНОУСКО'РЕННЫЙ,** -ая, -ое *физ.* бирдей ылдамдыктагы, ылдамдыгы бирдей; **равноускоренное движение** ылдамдыгы бирдей кыймыл.

**РАВНОЦЕ'ННОСТЬ** *ж.* баасы бирдейлик, бирдей баалуулук.

**РАВНОЦЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. баасы бирдей, бирдей баалуу; **равноценные товары** бирдей баалуу товарлар; 2. окшош, бирдей, тең; **эти работники равноценны** бул кызматкерлер тең, бири-биринен артык-кеми жок.

**РА'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*одинаковый*) бирдей, тең; **доски равной толщины** калыңдыгы бирдей тактайлар; **равные силы** бирдей күчтөр, тең күчтөр; **на равных основаниях** бирдей негиздер боюнча; **равная оплата за равный труд** бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөө; **ему нет равного** анын тендеши жок; 2. *чему* (*равняющийся*) тең (барабар); **расстояние, равное пяти километрам** беш километрге тең (барабар) аралык; 3. (*пользующийся такими же правами*) тең, тендеш.

**РАВНЯ'ТЬ** *несов. кого-что* 1. (*уравнивать*) теңөө; **нельзя равнять всех по одному признаку** баарын бир белги боюнча теңөөгө болбойт; 2. *с кем-чем* (*сравнивать*) теңөө, салыштыруу; **нельзя равнять этих учеников** бул окуучулардын баарын теңөөгө болбойт.

**РАВНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *чему* (*быть равным*) тең келүү, барабар болуу; **дважды три равняется шести** эки жерде үч алтыга барабар; 2. *с кем-чем* теңелүү, атаандашуу; **я не берусь равняться с ним в знаниях** мен билим жагынан аны менен теңеле албайм; 3. *по кому-чему* теңелүү, бирдей болуу; **равняться по правофланговому** *воен.* оң флангыдагы менен теңелгиле; **равняйсь!** (*команда*) тегизделгиле!; 4. *на кого-что, перен.* (*следовать примеру*) теңелүү; **будем равняться на передовиков** алдыңкы катардагыларга теңелебиз.

**РАГУ'** *ср. нескл. кул.* рагу (*балык, эт же жашылчадан майда туурап жасалган тамак*).

**РАД** *в знач. сказ.* 1. *кому-чему* кубанычтуу, курсант; **я вам рад** мен сизди көрүп кубанам; 2. *с неопр.* жан-дили (-ң, -м) менен; **рад отдохнуть, да некогда** эс алсам, жакшы болор эле, бирок убакыт жок; ◇ **сам не рад** өзү (-ң, -м) да ыраазы эмес (-сиң, -мин); **рад стараться!** 1) *воен. уст.* жан-дилим менен орундаймын!; 2) *перен. шутл.* жан-дилим менен!; **рад-радёхонек** *или* **рад-радёшенек** абдан курсант, кубанчы койнуна сыйбайт.

**РАДА'Р** *м. см.* **радиолокатор.**

**РАДЕ'НИЕ** *ср.* 1. *уст.* камкордук кылуу; 2. *рел.* зикир.

**РАДЕ'ТЬ** *несов. о ком-чём* 1. *уст.* камкордук кылуу; **радеть о деле** иш жөнүндө камкордук кылуу; 2. *рел.* зикир чалуу.

**РА'ДЖА** *м.* раджа (*Индияда — феодалдык княздардын жана жергиликтүү бийлөөчүлөрдүн титулу*).

**РА'ДИ** *предлог с род. п.* 1. (*для кого-чего-л.*) үчүн; **ради пользы дела** иштин пайдасы үчүн; 2. (*во имя кого-чего-л.*) урматына; **ради нашей дружбы** достугубуздун урматына; 3. *разг.* (*с целью чего-л.*) үчүн, максат менен, максатында; **ради отдыха** эс алыш үчүн; **шутки ради** тамаша үчүн; 4. *разг.* (*из-за*) үчүн; **ради чего ты пошёл туда?** ал жакка сен эмне үчүн бардың?

**РАДИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *мат., тех.* радиалдык, шоола сымал, радиуска багытталган (*мис. күндүн нуру*).

**РАДИА'ТОР** *м. тех.* радиатор (1. *мотордогу сууну суутуучу прибор*; 2. *борбордук жылытмадагы ысыткыч прибор*).

**РАДИА'ТОРНЫЙ,** -ая, -ое **радиатор**-*го т.*

**РАДИА'ЦИЯ** *ж. физ.* 1. радиация (*күндөн жерге тушуучу шоолалуу энергия*); **солнечная радиация** күндүн радиациясы; 2. радиация (*борбордон айланага карай шоола сымал радиус болуп бир нерсенин таралышы*).

**РА'ДИЕВЫЙ,** -ая, -ое **радий**-*ге т.*

**РА'ДИЙ** *м. хим.* радий (*жылуулук жана шоола энергияларын чыгаргыч химиялык элемент*); **лечение радием** радий менен дарылоо.

**РАДИКА'Л** I *м.* радикал (1. *мат. тамырын табуу белгиси* $\sqrt{}$; 2. *хим. бир химиялык кошундудан экинчи

www.bizdin.kg

*нин тамгаларын берүүчү сымсыз телеграф;* 2. *жогоркудай сигналдарды алуучу же берүүчү станция*).

**РАДИОТЕЛЕГРАФИ'Я** *ж.* радиотелеграфия (*радио аркылуу берилүүчү сымсыз телеграф*).

**РАДИОТЕЛЕФО'Н** *м.* радиотелефон (*радио толкундун жардамы менен аракетке келүүчү сымсыз телефон*).

**РАДИОТЕЛЕФОНИ'Я** *ж.* радиотелефония (*сымсыз телефон*).

**РАДИОТЕРАПИ'Я** *ж. мед.* радиотерапия (*ооруну радий жана башка радиоактивдүү заттар менен дарылоо, рентген нурлары менен дарылоо*).

**РАДИОТЕ'ХНИК** *м.* радиотехник (*радиотехника жагынан специалист*).

**РАДИОТЕ'ХНИКА** *ж.* радиотехника (1. *электротехниканын бир бөлүмү;* 2. *радиоаппаратураны даярдоо техникасы*).

**РАДИОТОВА'РЫ** *только мн.* радиотоварлар (*радиого керектүү аспаптар, приёмниктер, анын бөлүктөрү*).

**РАДИОУ'ЗЕЛ** *м.* радио түйүнү (*бир район же уюмдун радио байланышын башкаруучу орган*).

**РАДИОУСТАНО'ВКА** *ж.* радиоустановка (*бир жерге орнотулган радиоаппарат же радиоаппараттардын системасы*).

**РАДИОФИКА'ЦИЯ** *ж.* радиофикация, радиолоштуруу; **радиофикáция страны́** өлкөнү радиолоштуруу.

**РАДИОФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* радиолоштуруу.

**РАДИОЦЕ'НТР** *м.* радиоборбору (*алуучу жана берүүчү радиостанциялардын башкармаларынын бирикмеси*).

**РАДИОЭЛЕМЕ'НТ** *м. хим.* радиоэлемент, радиоактивдүү элемент.

**РАДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* радио аркылуу билдирүү.

**РАДИ'СТ** *м* радист (*радиоустановкада иштөөчү киши*).

**РА'ДИУС** *м.* 1. *мат.* радиус (*тегеректин же шар бетинин каалаган нокотун борбор менен бириктирүүчү түз сызык*); **рáдиус окру́жности** тегеректин радиусу; **рáдиус шáра** шардын радиусу; 2. *перен.* радиус (*нерсенин таралуу сферасы*); **рáдиус дéйствия** аракет радиусу; **рáдиус дéйствия авиáции** авиация аракетинин радиусу.

**РАДИЦИ'РОВАНИЕ** *ср. мат.* тамырын табуу.

**РАДИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. мат.* тамырын табуу.

**РА'ДОВАТЬ** *несов. кого-что* кубантуу, сүйүнтүү, шат кылуу; **рáдовать взор** *или* **рáдовать глаз** көзгө жагымдуу, толумдуу болуу; көз кубантуу; **рáдовать успéхами** ийгиликтери менен кубантуу.

**РА'ДОВАТЬСЯ** *несов. кому-чему* кубануу, сүйүнүү, шаттануу, жарпы жазылуу; **душá рáдуется** көңүл кубанат.

**РА'ДОСТНО** *нареч.* кубанып, сүйүнүп, шаттанып, шаттык менен, кубануу менен, сүйүнүү менен.

**РА'ДОСТНЫЙ,** -ая, -ое кубанычтуу, сүйүнүчтүү, шаттуу; **рáдостное извéстие** кубанычтуу кабар; **рáдостное собы́тие** кубанычтуу окуя.

**РА'ДОСТЬ** *ж.* кубаныч, сүйүнүч, шаттык; **с рáдостью** кубаныч менен; ◇ **на рáдостях** *разг.* кубанычка байланыштуу, кубаныч үчүн.

**РА'ДУГА** *ж.* көк желе (*асмандагы жаа; жез кемпирдин көгөөнү; асан-үсөн*); **отливáть всéми цветáми рáдуги** нечен түрдүү болуп кубулжуп, кулпунуп туруу.

**РА'ДУЖНЫЙ,** -ая, -ое 1. кубулмалуу, кубулуп турган; **рáдужный отли́в** түрдүү түскө кубулуу; 2. *перен.* кубанычтуу; **рáдужные надéжды** кубанычтуу үмүт; **ви́деть всё в рáдужном свéте** баарын тең эле кубанычтуу түрдө көрүү; ◇ **рáдужная оболóчка (глáза)** *см.* **оболóчка.**

**РАДУ'ШИЕ** *ср.* ачык чырай, ак көңүл, жылуу жүз; **прояви́ть раду́шие** ак көңүлдүк кылуу.

**РАДУ'ШНО** *нареч.* ачык чырай менен, жылуу жүз менен; **встрéтить раду́шно** жылуу жүз менен тосуп алуу.

**РАДУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое ачык чырайлуу, жылуу жүздүү; **оказáть раду́шный приём** ачык чырай менен тосуп алуу.

**РАЁК** *м. театр. уст.* раёк (*театрдагы эң үстүңкү бийик орундар*).

**РАЖ** *м. разг.* каар, ачуу, жин; **прийти́ (войти́) в раж** жини келүү, каары кайноо.

**РА'ЖИЙ,** -ая, -ое *прост.* чымыр, москоол.

**ражу́** *наст. вр. от* **рази́ть** I.

**РАЗ** I *м.* 1. бир жолу, бир ирет, бир мертебе; **мнóго раз** көп жолу; **нéсколько раз** бир нече жолу; **пять раз** беш жолу; **в пéрвый раз** биринчи жолу; **ещё раз** дагы бир жолу; **в слéдующий раз** *или* **в другóй раз** келерки жолу, эмики жолу; **раз в год** жылына бир жолу; **в послéдний раз** акыркы жолу; **инóй (другóй) раз** кээде; **в тот раз** ошол жолу; **ни рáзу** эч бир, бир жолу да; **не раз** алда канча, бир нече жолу; **до другóго рáза** дагы бир жолкуга чейин; 2. (*при счёте — один*) бир (*эсепте*); ◇ **раз навсегдá!** бүттү!, болду!, бир айтты (-ц, -м) болду!; **как раз** *разг.* 1) (*именно*) дал; **как раз то, что ну́жно** керегн дал ушул болчу; 2) (*впору*) чак; **ту́фли мне как раз** туфли менин бутума куюп койгондой чак; **в сáмый раз** *разг.* 1) (*вовремя*) дал убагында; 2) (*впору*) чак; **раз за рáзом** *разг.* удаалаш, үзгүлтүксүз; **раз на раз не прихóдится** *разг.* ар дайым эле андай боло бербейт; **не раз и не два** *разг.* бир эмес, эки эмес, алда нече жолу.

**РАЗ** II *нареч.* (*однажды*) бир күнү, бир кезде, бир жолу; **раз пóздно вéчером** бир күнү кечинде; **оди́н раз, когдá...** бир күнү... болгондо; **кáк-то раз** (*алда кандай*) бир күнү.

**РАЗ** III *союз разг.* (*если*) эгерде ...-са, ...; **раз он не пойдёт, я тóже остаю́сь** эгерде ал барбаса, мен да каламын; ал барбаса, мен да барбаймын; **раз так, нé о чём говори́ть** эгер андай болсо, башка сөз жок.

**РАЗ-** (**разо-, разъ-, рас-**) *приставка, төмөнкүлөрдү көрсөтөт:* 1) *бөлүктөргө бөлүүнү; бөлүктөргө, орундарга, бир нерсенин бетине бөлүштүрүүнү; мис.* **разорвáть** айрып алуу, тытып таштоо; 2) *кыймыл-аракеттин күчөшүн, анын мыкты көрүнүшүн; мис.* **расхвали́ть** аябай мактоо, абдан мактоо; 3) *көп нерселердин кыймылынын ар түрдүү жакка багытталганын; мис.* **разъéхаться** туш-тушка кетип калуу; 4) *кыймыл-аракеттин токтолушун; мис.* **разлюби́ть** сүйбөй калуу; 5) *мурункунун тескерисинче жасалган кыймыл-аракетти; мис.* **разбинтовáть** бинтин кайта чечүү.

**РАЗБА'ВИТЬ** *сов. что* суюлтуу, кошуу, катыштыруу, аралаштыруу; **разбáвить спирт водóй** спиртке суу кошуу.

**РАЗБА'ВКА** *ж. разг.* суюлтуу, кошуу, катыштыруу, аралаштыруу (*мис. спиртке суу*).

**РАЗБАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **разбáвить.**

**РАЗБАЗА'РИВАНИЕ** *ср. разг.* чачып жок кылуу, ыгы жок чачуу, ыксыз сарп кылуу; **разбазáривание государ́ственных средств** мамлекеттик каражаттарды чачып жок кылуу.

**РАЗБАЗА'РИВАТЬ** *несов. см.* **разбазáрить.**

**РАЗБАЗА'РИТЬ** *сов. что, разг.* ыгы жок чачуу, чачып жок кылуу, ыгы жок сарп кылуу.

**РАЗБА'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **разболéться.**

**РАЗБАЛОВА'ТЬ** *сов. кого, разг.* тентек кылуу, шок кылуу, өтө эрке кылуу.

**РАЗБАЛОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* тентек болуу, шок болуу, өтө эрке болуу.

**РАЗБА'ЛТЫВАТЬ** I *несов. см.* **разболтáть** I.

**РАЗБА'ЛТЫВАТЬ** II *несов. см.* **разболтáть** II.

**РАЗБА'ЛТЫВАТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **разболтáться** I; 2. *страд. к* **разбáлтывать** I.

**РАЗБА'ЛТЫВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **разболтáться** II; 2. *страд. к* **разбáлтывать** II.

**РАЗБЕ'Г** *м.* жүгүрүү (*күүлөнүү үчүн*); **он с разбéга перескочи́л канáву** ал жүгүрүп келип, андан секирип кетти.

**РАЗБЕГА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разбежáться.**

**РАЗБЕЖА'ТЬСЯ** *сов.* 1. жүгүрүү; **он разбежáлся и перескочи́л чéрез канáву** ал жүгүрүп барды да андан се-

www.bizdin.kg

кирип кетти; **2.** (*в разные стороны*) туш-тушка жүгүрүү, тарала жүгүрүү; **разбежались кто куда** туш-тушка тарап жүгүрүштү; ◇ **глаза разбежались** кызыгып көз жайнап кетти.

**РАЗБЕРЕДИ'ТЬ** *сов. что* ырбатуу, оорутуу, чукуу; **разбередить рану** 1) жараны чукуп оорутуу; 2) *перен.* жарасына тийүү, эски кайгыны козгоо.

**РАЗБИВА'ТЬ** *несов. см.* **разбить.**

**РАЗБИВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разбиться; морские волны разбивались о берег** деңиз толкундары жээкке келип урунуп жатты; **2.** *страд. к* **разбивать.**

**РАЗБИ'ВКА** *ж.* **1.** (*разделение*) бөлүү, топтоо, топ-топко бөлүү; **разбивка учеников на группы** окуучуларды топторго бөлүү; **2.** (*планировка*) пландоо; **разбивка сада** бакты пландоо; **3.** (*напр. лагеря*) куруу, тигүү; **4.** *полигр.* терилген ариптердин сап аралыктарын кеңитүү.

**РАЗБИНТОВА'ТЬ** *сов. что* бинтти кайта чечүү; таңылган, байланган бинтти чечүү.

**РАЗБИНТОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* бинт чечилүү; таңылган, байланган бинт чечилип кетүү.

**РАЗБИНТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **разбинтовать.**

**РАЗБИНТО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разбинтоваться;** 2. *страд. к* **разбинтовывать.**

**РАЗБИРА'ТЕЛЬСТВО** *ср. юр.* текшерүү, тескөө; **судебное разбирательство** сот текшерүүсү.

**РАЗБИРА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **разобрать; 2.** (*быть разборчивым*) тандоо, ылгоо; **бери не разбирая** ылгабай ала бер.

**РАЗБИРА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разобраться; 2.** *страд. к* **разбирать.**

**РАЗБИТНО'Й,** -а́я, -о́е *разг.* өтүмдүү, шайыр, шамдагай; **разбитной парень** шамдагай жигит.

**РАЗБИ'ТОСТЬ** *ж. разг.* чарчагандык, ылдыроочулук, шалдыроочулук; **чувствовать разбитость** шалдырагандыкты сезүү.

**РАЗБИ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разбить; 2.** *прил.* (*расколотый*) сынган, талкаланган; **разбитая чашка** сынган табак; **3.** *прил.* (*повреждённый, испорченный*) бузулган; **разбитая машина** бузулган машина; **разбитый рояль** бузулган рояль; **4.** *прил.* (*раненый*) жараланган, жарылган, жарадар болгон; **разбитая голова** жарылган баш; **5.** *прил. перен.* (*расстроенный, разрушенный*) үзүлгөн, кесилген; **разбитые надежды** үзүлгөн үмүт; **6.** *прил.* (*побеждённый*) жеңилген, талкаланган; **разбитый враг** талкаланган душман; **7.** *прил. перен.* (*ставший бессильным, нетрудоспособным*) алсыраган, жарамсыз болуп калган, шал болуп калган; **разбитый параличом** шал болуп калган; **8.** *прил. перен.* (*опровергнутый*) жокко чыгарылган; **разбитые доводы** жокко чыгарылган далилдер; **9.** *прил. перен.* (*усталый*) шалдыраган, чарчаган; **чувствовать себя разбитым** өзүнүн шалдырагандыгын сезүү; ◇ **остаться у разбитого корыта** *погов.* баягы эле таз кейпин кийип калуу.

**РАЗБИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*расколоть*) сындыруу, талкалоо, таш-талканын чыгаруу; **разбить стекло** айнекти талкалоо; **разбить вдребезги** таш-талканын чыгаруу; **2.** *что* (*повредить, разрушить*) кыйратуу, зыянга учуратуу; **бурей разбило корабль** катуу шамал кемени кыйратты; **3.** *что* (*ранить*) жаруу, жарадар кылуу; **разбить голову** башын жаруу; **4.** *кого* (*нанести поражение*) талкалоо, кыйратуу; **разбить противника** душманды талкалоо; **разбить наголову** таш-талканын чыгаруу, ташын талкан кылып кыйратуу; **разбить в пух и прах** кыйратып, күлүн сапыруу; **5.** *кого, перен.* (*сделать нетрудоспособным*) мунжу кылуу, эмгекке жарамсыз кылуу, шал кылып таштоо; **его разбил паралич** ал шал болуп калды, аны паралич уруп шал кылып таштады; **6.** *что, перен.* (*опровергнуть*) жокко чыгаруу; **разбить** *чьи-л.* **доводы** *бирөөнүн* **далилдерин** жокко чыгаруу; **7.** *что* (*распределить, разделить*) бөлүү; **разбить участок на части** участокту бөлүктөргө бөлүү; **8.** *что* (*произвести посадку*) эгүү, отургузуу, тигүү; **разбить сад** жемиш бактарын тигүү; **9.** *что* (*раскинуть, устроить*) куруу, тигүү; **разбить палатку** чатыр куруу; **10.** *что, полигр.* арасын ачуу; **разбить строки** саптардын арасын ачуу; ◇ **разбить жизнь** *кому-л. бирөөнүн* турмушун бузуу.

**РАЗБИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** сынуу; **тарелка разбилась** тарелка сынды; **2.** (*повредить себе что-л.*) бир жерин оорутуп алуу, майып кылуу; **3.** *перен.* (*расстроиться*) таш кабуу; **4.** (*разделиться*) бөлүнүү, топ-топ болуу; **экскурсия разбилась на группы** экскурсия топ-топко бөлүндү.

**РАЗБОГАТЕ'ТЬ** *сов.* байып кетүү, бай болуп кетүү.

**РАЗБО'Й** *м.* талоончулук, каракчылык.

**РАЗБО'ЙНИК** *м.* талоончу, каракчы.

**РАЗБО'ЙНИЧАТЬ** *несов.* талоончулук кылуу, каракчылык кылуу.

**РАЗБО'ЙНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **разбойничество**-*го т.*; **разбойническое нападение** талоончулук менен кол салуу.

**РАЗБО'ЙНИЧЕСТВО** *ср.* талоончулук, каракчылык.

**РАЗБО'ЙНИЧИЙ,** -ья, -ье **разбойник**-*ке т.*; **разбойничья шайка** каракчылар шайкасы.

**РАЗБОЛЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*расхвораться*) ооруп калуу, узакка ооруу, катуу ооруу, ооруу; **он совсем разболелся** ал катуу ооруп калды.

**РАЗБО'ЛТАННОСТЬ** *ж. разг.* тартиби кеткендик, тартип бошоп калгандык.

**РАЗБО'ЛТАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разболтать; 2.** *прил. разг.* тартиби кеткен, чийинден чыккан, тартиби бошогон.

**РАЗБОЛТА'ТЬ** I *сов. что, разг.* **1.** чалуу, аралаштыруу; **он разболтал муку в воде** ал унду сууга чалды; **2.** (*расшатать*) бошотуу, шалкылдатуу; **разболтать гайку** гайканы бошотуп шалкылдатуу.

**РАЗБОЛТА'ТЬ** II *сов. что, разг.* (*разгласить*) дөөрүп таратып жиберүү, сүйлөй берип таратып жиберүү, тантып бардыкка жайып жиберүү, жайып жиберүү; **разболтать секрет** жашырын ишти жайып жиберүү.

**РАЗБОЛТА'ТЬСЯ** I *сов. разг.* **1.** (*размешаться*) чайкалып аралашуу (*мис. талкан сүткө*); **2.** (*расшататься*) бошоп, шалкылдап калуу; **3.** *перен.* (*о человеке*) далдактап бош жүрүү, бош жүрүп жаман үйрөнүү.

**РАЗБОЛТА'ТЬСЯ** II *сов. разг.* (*разговориться*) дөөрүп жок нерсени сүйлөй берүү, сандырактай берүү, көп сүйлөй берүү.

**РАЗБОМБИ'ТЬ** *сов. что, разг.* бомбалап талкалоо, кыйратуу.

**РАЗБО'Р** *м.* **1.** (*анализ*) талдоо; **разбор содержания книги** китептин мазмунун талдоо; **грамматический разбор предложения** сүйлөмдү грамматикалык жагынан талдоо; **критический разбор** сындап талдоо; **2.** (*расследование*) тергөө; **разбор дела** *юр.* ишти тергөө; **3.** *полигр.* (*использованный набор*) таратуу (*терилген ариптерди*); **4.** (*сорт, качество*) сорт, сапат; **мука второго разбора** экинчи сорт ун; **лучшего разбора** эң жакшы сорттогу; 5. (*разборчивое отношение*) тандоо, ылгоо; **с разбором** тандап; **без разбору** 1) (*не выбирая*) тандабастан; 2) (*не делая различия*) ылгабастан; 3) (*не разбираясь*) тандабастан, аңды-дөңдү абайлабастан.

**РАЗБО'РКА** *ж.* **1.** (*писем, товаров и т. д.*) бөлүштүрүү, ажыратуу, сорттоп бөлүү; **2.** (*машины и т. д.*) ажыратуу, бөлүк-бөлүккө ажыратуу, бөлүктөрүн ажыратуу.

**РАЗБО'РНЫЙ,** -ая, -ое ажыратылма, бөлүнмө; **разборная кровать** ажыратылма керебет.

**РАЗБО'РЧИВО** *нареч.* **1.** (*чётко, понятно*) ачык, так, даана; **он пишет разборчиво** ал ачык (даана) жазат; **2.** (*строго, требовательно*) ылгап; **он разборчиво относится к людям** ал адамдарды ылгап мамиле кылат.

**РАЗБО'РЧИВОСТЬ** *ж.* **1.** (*почерка*) ачыктык, дааналык; **2.** (*требовательность*) тандагычтык, кылдаттык менен тан-

www.bizdin.kg

доочулук; **разбо́рчивость в еде́** тамакты кылдаттык менен тандоочулук.

**РАЗБО'РЧИВЫЙ**, -ая, -ое **1.** ачык, так, даана; **разбо́рчивый по́черк** даана жазуу; **2.** (*требовательный*) тандагыч, кылдат тандагыч, катуу талап коюучу; **разбо́рчивый в еде́** тамакты ылгап, тандап жей турган (*алдына келгенди жей бербеген*).

**РАЗБРАНИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* аябай тилдөө, аябай урушуу, абдан жемелөө.

**РАЗБРАНИ'ТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* аябай тилдешүү, аябай урушуу.

**РАЗБРА'СЫВАТЬ** *несов. см.* **разброса́ть.**

**РАЗБРА'СЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разброса́ться 1**; **2.** *перен.* (*заниматься сразу многими делами*) бардык нерсени бир жолу чаржайыт иштөө, бир жолу көп нерсеге дам уруу; **3.** *страд. к* **разбра́сывать.**

**РАЗБРЕДА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разбрести́сь.**

**РАЗБРЕСТИ'СЬ** *сов.* туш-тушка тарап кетүү, туш-тушка жайылуу; **разбрести́сь по дома́м** үй-үйүнө тарап кетүү.

**РАЗБРО'Д** *м.* ынтымаксыздык, ырксыздык, баш аламандык, ирети кетүү; **иде́йный разбро́д** идеялык ырксыздык.

**РАЗБРО'САННОСТЬ** *ж.* **1.** (*отдалённость друг от друга*) чачкындуулук, бытырандылык, чачылыңкылык; **разбро́санность населе́ния** элдин бытырандылыгы; **2.** *перен.* иретсиздик, чаржайыттык, баш аламандык; **разбро́санность мы́слей** ойлордун чачылыңкылыгы, ойлордун чаржайыттыгы.

**РАЗБРО'САННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **разброса́ть**; **2.** *прил.* (*отдалённый*) чачкын, чачылыңкы, чачылган, бытыранды; **разбро́санное населе́ние** бытыранды эл; **3.** *прил. перен.* (*рассеянный, спутанный*) иретсиз, баш аламан, чаржайыт; **разбро́санные мы́сли** чачылган ойлор, чаржайыт ойлор.

**РАЗБРОСА'ТЬ** *сов. что* чачуу, чачып таштоо, баш аламан кылуу; **разброса́ть зерно́** данды чачуу; **разброса́ть бума́ги** кагазды чачып таштоо.

**РАЗБРОСА'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*раскидаться в беспорядке*) туш-тушта чачылып жатуу, баш аламан чачылып жатуу; **2.** (*разметаться*) колу-бутун жыйнабай тартайып жатуу, чабалактоо (*мис. ооруган же уктап жаткан киши*).

**РАЗБРО'СИТЬ** *сов. что, разг.* чачып таштоо.

**РАЗБРЫ'ЗГАТЬ** *сов. что* **1.** чачыратуу; **2.** (*многое, всё*) чачыратып түгөтүү.

**РАЗБРЫ'ЗГАТЬСЯ** *сов. разг.* чачыроо; **вода́ разбры́згалась** суу чачырады.

**РАЗБРЫ'ЗГИВАТЬ** *несов. см.* **разбры́згать.**

**РАЗБРЫ'ЗГИВАТЬСЯ** *несов. см.* **разбры́згаться.**

**РАЗБРЮЗЖА'ТЬСЯ** *сов. разг.* булдурай берүү, токтолбой наалый берүү, күңкүлдөй берүү.

**РАЗБУДИ'ТЬ** *сов. кого* ойготуу.

**РАЗБУХА'НИЕ** *ср.* **1.** көбүү, барсаюу; **2.** *перен.* өтө көбөйүү, чоңоюп кетүү (*мис. штат*).

**РАЗБУХА'ТЬ** *несов. см.* **разбу́хнуть.**

**РАЗБУ'ХНУТЬ** *сов.* **1.** көбүү, барсаюу; **от дождя́ ра́мы разбу́хли** жаандан рамалар көөп кетти; **2.** *перен.* ыгы жок көбөйүү, өтө көбөйүп кетүү; **шта́ты разбу́хли** кызматкерлердин саны ыгы жок көбөйүп кетти.

**РАЗБУШЕВА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*о море, буре*) алай-дүлөй болуп толкундоо, алай-дүлөй түшүү, дуулдоо; **мо́ре разбушева́лось** деңиз алай-дүлөй болуп толкундады; **вьюга разбушева́лась** бурганак алай-дүлөй түшүп атат; **2.** *перен. разг.* (*начать буянить*) долулануу, буркан-шаркан түшүп ачуулануу.

**РАЗВА'ЖНИЧАТЬСЯ** *сов. разг.* өтө эле компоюп калуу, өтө эле бейил күтүп кекирейип кетүү.

**РАЗВА'Л** *м.* бүлүнүү, бүлдүрүү, бузуу, бүлүнчүлүк.

**РАЗВА'ЛЕЦ** *м.*: **с разва́льцем** *разг.* майпаңдап, чайпалып; **ходи́ть с разва́льцем** майпаңдап басуу (жүрүү).

**РАЗВА'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **развали́ть.**

**РАЗВА'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* **развали́ться.**

**РАЗВА'ЛИНА** *ж.* (*о человеке*) такыр эле чөгүп калган, шалпысы бошогон, алдан тайган (*мис. карыган же соруллу*).

**РАЗВА'ЛИНЫ** *только мн.* урапды, кыйранды; урап, кыйрап калган; **разва́лины го́рода** шаардын эски урандысы.

**РАЗВА'ЛИСТЫЙ**, -ая, -ое: **разва́листая похо́дка** *разг.* майпаңдаган, оонап баскан, чайпалып акырын баскан.

**РАЗВАЛИ'ТЬ** *сов. что* **1.** уратуу, уратып салуу, жыгуу; **он развали́л сло́женные дрова́** ал жыйылган отунду уратты; **2.** *перен.* (*расстроить*) бүлдүрүү, бузуу; **развали́ть рабо́ту** ишти бүлдүрүү.

**РАЗВАЛИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** кулап калуу, бузулуп калуу; **стена́ развали́лась** дубал бузулуп калды; **2.** *перен.* (*прийти в упадок*) кыйроо, бүлүнүү, бузулуу; **не дать де́лу развали́ться** иштин бүлүнүшүнө жол бербөө; **3.** *разг.* созулуп жатуу, сулап жатуу, жантайып жата кетүү; **развали́ться в кре́сле** креслого жантайып отура кетүү.

**РАЗВАЛЯ'ТЬ** *сов. что* жаюу; **разваля́ть те́сто** камыр жаюу.

**РАЗВА'РИВАТЬ** *несов. см.* **развари́ть.**

**РАЗВА'РИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **развари́ться**; **2.** *страд. к* **разва́ривать.**

**РАЗВАРИ'ТЬ** *сов. что* эзилте бышыруу (*мис. этти*).

**РАЗВАРИ'ТЬСЯ** *сов.* кайнап эзиле бышуу (*мис. эт*).

**РАЗВАРНО'Й**, -а́я, -о́е элжиретип бышырылган, кайнатып бышырылган; **разварно́е мя́со** кайнатып элжирете бышырылган эт.

**РА'ЗВЕ** **1.** *частица вопр.* ырас эле... -бы, чын эле... -бы; **ра́зве он уже́ прие́хал?** ырас эле ал келип калдыбы?; **2.** *частица разг.* (*может быть*) балким, -бы, экен, бекен; **пого́да стои́т хоро́шая, ра́зве нам пое́хать за́ город отдохну́ть?** аба ырайы жакшы болуп турат, шаардын тышына дем алууга барсак бекен?; **3.** *союз* (*если не*): **ра́зве то́лько** жалгыз гана, бирок; **никто́ не зна́ет э́того, ра́зве то́лько он** ал эле жалгыз билбесе, муну башка эч ким билбейт.

**РАЗВЕВА'ТЬ** *несов. что* желбиретүү, желпилдетүү, жайылтуу; **ве́тер развева́ет флаг** шамал желекти желбиретип турат.

**РАЗВЕВА'ТЬСЯ** *несов.* желбирөө, желпилдөө, жайылуу; **зна́мя развева́ется** туу желбирейт.

**РАЗВЕ'ДАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **разве́дать**; **2.** *прил. воен.* разведка кылынган, чалгындалып билинген; **разве́данный проти́вник** чалгындалып билинген душман; **3.** *прил. геол.* чалгындалган; **разве́данные не́дра** чалгындалган жер асты.

**РАЗВЕ'ДАТЬ** *сов.* **1.** *что, о ком-чём* (*узнать*) изилдеп билүү, сураштырып билүү, билүү; **разве́дать о его́ наме́рениях** анын ою жөнүндө билүү; **2.** *что, воен.* разведка кылуу, чалгындоо, чалгындап билүү; **разве́дать расположе́ние сил проти́вника** душмандын аскерлеринин жайлаштырылышын чалгындап билүү; **3.** *что, геол.* чалгындап билүү, изилдеп билүү, текшерип билүү; **разве́дать уча́сток на нефть** нефти барбы деп участокту изилдөө.

**РАЗВЕДЕ'НИЕ** I *ср.* (*разъединение*) экиге ажыратуу, бөлүү (*мис. көпүрөнү*).

**РАЗВЕДЕ'НИЕ** II *ср.* (*растворение*) эритүү, чылоо.

**РАЗВЕДЕ'НИЕ** III *ср.* (*выращивание*) өстүрүү, өрчүтүү, асыроо, тукумдатуу, тукум алуу, төлдөтүү (*мис. айбанды, өсүмдүктү*).

**РАЗВЕДЕ'НИЕ** IV *ср.* (*разжигание*) жагуу, тамызуу, тутантуу (*отту*).

**РАЗВЕДЁННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **развести́ I, II**; **2.** *прил.* (*о супругах*) ажырашкан, ажырап кеткен, күйөөсү менен ажырашкан, аялы менен ажырашкан; **3.** *прил.* (*о мосте*) ажыратылган; **разведённый мост** ажыратылган көпүрө.

www.bizdin.kg

**РАЗВЕ'ДКА** *ж.* 1. *воен.* разведка, чалгын, чалгындоо, чалгын жүргүзүү, чалгындап билүү; **разве́дка ме́стности** белгилүү участокту чалгындоо; **разве́дка сил проти́вника** душмандын күчүн чалгындоо; 2. *геол.* чалгындоо, чалгындап билүү, кен издөө; **разве́дка на нефть** нефтини чалгындоо; 3. *воен.* (*группа разведчиков*) чалгынчылар; **ко́нная разве́дка** атчан чалгынчылар; 4. (*орган государственной безопасности*) разведка (*душмандарды аңдуучу, шпион жана зыянкечтер менен күрөшүүчү, мамлекеттик коопсуздукту сактоочу орган*).

**РАЗВЕ'ДОЧНЫЙ**, -ая, -ое **разведка**-*га т.*; чалгындоочу.

**РАЗВЕ'ДЧИК** *м.* 1. *воен.* разведчик, чалгынчы; **ко́нные разве́дчики** атчан чалгынчылар; 2. (*самолёт*) чалгынчы; 3. *геол.* чалгынчы.

**РАЗВЕ'ДЫВАНИЕ** *ср.* 1. *воен.* разведка жүргүзүү, чалгындоо, чалгын жүргүзүү, чалгындап билүү; 2. *геол.* чалгындоо, кен издеп билүү, текшерип билүү, чалгындап билүү.

**РАЗВЕ'ДЫВАТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. **разведывание** 1-*ге т.*; разведка жүргүзүүчү, чалгындоочу, чалгын жүргүзүүчү; **разве́дывательный отря́д** чалгын жүргүзүүчү отряд; **разве́дывательный самолёт** чалгындоочу самолёт; 2. **разведывание** 2-*ге т.*; кен издөөчү; **разве́дывательная экспеди́ция** кен издөөчү экспедиция.

**РАЗВЕ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **разве́дать.**

**РАЗВЕЗТИ'** *сов.* 1. *кого-что* ташып таратуу, ташып баруу, ташып тиешелүү жерлерине жеткирүү; **развезти́ това́ры** товарларды ташып таратуу; 2. *безл. разг.* (*разморить*) алсыратуу; 3. *безл. разг.* (*размыть*) бузуп, жүрүүгө кыйын кылуу; **доро́гу от дожде́й развезло́** жол жамгырдан бузулуп, жүрүүгө кыйын болуп калды.

**РАЗВЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **развея́ть.**

**РАЗВЕ'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разве́яться;** 2. *страд. к* **разве́ивать.**

**РАЗВЕНЧА'ТЬ** *сов. кого-что* сырын ачып, кадырын түшүрүү; бетин ачып, беделин түшүрүү.

**РАЗВЕ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **развенча́ть.**

**РАЗВЕРЗА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разве́рзнуться.**

**РАЗВЕ'РЗНУТЬСЯ** *сов. уст.* аңырайып ачыла түшүү; **бе́здна разве́рзлась под его́ нога́ми** 1) анын астынан түпсүз аң аңырайып ачыла түштү; 2) *перен.* анын барар жери, басар тоосу калбады.

**РАЗВЁРНУТЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **разверну́ть;** 2. *прил.* жайылтылган, кең түрдө жайылган; **развёрнутое строи́тельство** кеңири жайылган курулуш; 3. *прил. воен.* жайылтылган, жайылган, жайпаган; **развёрнутый строй** жайылтылган строй; **развёрнутое наступле́ние** жайылтылган чабуул; 4. *прил.* (*подробный*) кеңири, толук; **развёрнутое объясне́ние** кеңири түшүнүк; **приня́ть развёрнутую резолю́цию** кеңири резолюция кабыл алуу.

**РАЗВЕРНУ'ТЬ** *сов. что* 1. (*раскрыть*) жазуу, жаюу, ачуу; **разверну́ть газе́ту** газетаны жаюу; **разверну́ть ковёр** килемди жазуу, килемди жаюу; 2. *перен.* (*предпринять в широких масштабах*) күчөтүү, жайылтуу, өркүндөтүү; **разверну́ть большу́ю рабо́ту** чоң ишти кеңири жайылтуу; **разверну́ть социалисти́ческое соревнова́ние** социалисттик мелдешти жайылтуу; **разверну́ть кри́тику и самокри́тику** сынды жана өзүн өзү сыноону күчөтүү; **разверну́ть де́ло вовсю́** ишти кеңири жайылтуу; 3. *перен.* (*развить*) демитүү, көрсөтүү, кеңейтүү; **разверну́ть свои́ си́лы** өзүнүн күчүн демитүү; **разверну́ть свой тала́нт** өзүнүн талантын көрсөтүү; 4. *воен.* кеңитип түзүү; жайылтуу; **разверну́ть батальо́н в полк** батальонду кеңитип, полк түзүү; **разверну́ть строй** стройду жайылтуу; 5. (*повернуть*) кайруу, буруу; **разверну́ть танк** танкты буруу; **разверну́ть самолёт** самолётту кайруу.

**РАЗВЕРНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*раскрыться, распаковаться*) жайылуу, ачылуу; **зна́мя разверну́лось** туу жайылды; 2. *воен.* кеңитилип түзүлүү; 3. *перен.* (*развиться*) көрүнүү, ачылуу; **тала́нт его́ разверну́лся в по́лной ме́ре** анын таланты толук ачылды; 4. *перен.* (*расшириться*) кең түрдө жайылтылуу; **широко́ разверну́лось социалисти́ческое соревнова́ние** социалисттик мелдеш кең түрдө жайылтылды; 5. (*о самолёте, машине*) кайруу, кайта бурулуу (*мис. самолёт*); 6. *разг.* (*размахнуться*) керилүү, керилип тап берүү; **он разверну́лся и уда́рил** ал, керилип туруп, уруп жиберди.

**РАЗВЕРСТА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*распределить*) развёрстка кылуу, бөлүү, бөлүштүрүү, үлөштүрүү; 2. *что, полигр.* вёрсткалап орду-ордуна коюу, вёрстканы ажыратып бөлүү.

**РАЗВЁРСТКА** *ж.* 1. развёрстка, развёрстка кылуу, бөлүү, бөлүштүрүү, үлөштүрүү; **развёрстка око́нчивших ку́рсы по райо́нам** курсту бүтүргөндөрдү райондорго развёрстка кылуу; 2. *полигр.* вёрсткалап орду-ордуна коюу.

**РАЗВЁРСТЫВАТЬ** *несов. см.* **разверста́ть.**

**РАЗВЕ'РСТЫЙ**, -ая, -ое *уст.* араандай ачылган (*мис. жырткычтардын, айбандардын оозу*).

**РАЗВЕРТЕ'ТЬ** *сов. что* 1. (*развинтить*) бурап бошотуу, бурап чыгаруу (*мис. бураманы*); 2. (*вертя расширить*) бурап тешигин кеңитүү; 3. (*привести в круговое движение*) тегеретүү, дөңгөлөтүү.

**РАЗВЕРТЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*отвинтиться*) кайта буралып бошотулуу (*мис. бурама*); 2. (*начать быстро вращаться*) ылдам тегеренүү, ылдам дөңгөлөнүү, зырылдап тегеренүү, зырылдап дөңгөлөнүү; **колесо́ разверте́лось** дөңгөлөк зырылдап тегеренди.

**РАЗВЁРТКА** *ж. тех.* тешик кеңиткич бургу.

**РАЗВЁРТЫВАНИЕ** *ср.* 1. (*чего-л. свёрнутого*) ачуу, жаюу, жазылуу, жайылуу, жайылтуу; 2. *воен.* кеңитилип түзүлүү, кеңитип түзүү; 3. *перен.* (*развитие*) кең түрдө уюштуруу, жайылтуу, кеңири жайылтуу; **развёртывание социалисти́ческого соревнова́ния** социалисттик мелдешти кеңири жайылтуу.

**РАЗВЁРТЫВАТЬ** *несов. см.* **разверну́ть.**

**РАЗВЁРТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разверну́ться;** 2. *страд. к* **развёртывать.**

**РАЗВЕ'С** *м.* таразалап бөлүү (*таразалап салмагына карай бөлүү*); **разве́с ча́я** чайды таразалап бөлүү.

**РАЗВЕСЕЛИ'ТЬ** *сов. кого* көңүл ачуу, көңүл көтөрүү, көңүл сергитүү, шаттандыруу, кубандыруу, кубантуу, жарпты жазуу.

**РАЗВЕСЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* көңүл ачылуу, көңүл сергүү, шаттануу.

**РАЗВЕ'СИСТЫЙ**, -ая, -ое бутактуу, барпыйган (*жыгач*).

**РАЗВЕ'СИТЬ** I *сов. что* (*на весах*) таразалап бөлүү.

**РАЗВЕ'СИТЬ** II *сов. что* 1. (*повесить*) ар кайсы жерге асып илүү, илип коюу (*мис. сүрөттөрдү*); 2. (*раскинуть*) барпыйып бутагын жаюу; ◇ **разве́сить у́ши** *разг. см.* **у́хо.**

**РАЗВЕ'СКА** I *ж. см.* **разве́с.**

**РАЗВЕ'СКА** II *ж.* (*картин и т. п.*) асып, илип-илип жайлаштыруу (*мис. сүрөттөрдү*).

**РАЗВЕСНО'Й**, -а́я, -о́е таразалап сатыла турган, таразаланып берме; **развесно́й хлеб** таразаланып сатыла турган нан.

**РАЗВЕСТИ'** I *сов.* 1. *кого-что* (*отвести*) орду-ордуна ээрчитип баруу, алып баруу, жеткирүү, келүү; **развести́ по дома́м** үй-үйүнө ээрчитип, алып баруу; 2. *воен.* (*расставить по местам*) орду-ордуна коюу; **развести́ карау́лы** *воен.* кароолдорду орду-ордуна коюу; 3. *кого* (*расторгнуть брак*) ажыратуу, ажыраштыруу (*эрди-катынды*); 4. *кого-что* (*разъединить*) экиге ажыратуу, бөлүү (*мис. көпүрөнү*); 5. (*о зубьях пилы*) эки жакка матоо (*араанын тиштерин*); ◇ **развести́ рука́ми** таң калуу, эмне кыларын билбей калуу.

www.bizdin.kg

**РАЗВЕСТИ'** II *сов. что* **1.** (*растворить*) эритүү, чылоо; **он развёл порошок в воде** ал порошокту суугa эритти; 2. (*разбавить*) кошуп суюлтуу (*мис. дарыга суу кошуп*).

**РАЗВЕСТИ'** III *сов. что* **1.** (*вырастить*) өстүрүү, өрчүтүү, асыроо, тукумдатуу, тукум алуу, төлдөтүү (*мис. айбанды, кушту, балыкты*); **2.** (*расплодить*) көбөйтүп жиберүү; **развести мышей** чычканды көбөйтүп жиберүү; ◇ **развести канитель** түйшүктү көбөйтүү.

**РАЗВЕСТИ'** IV *сов. что* (*разжечь*) жагуу, тамызуу (*отту*).

**РАЗВЕСТИ'СЬ** I *сов. с кем* (*расторгнуть брак*) ажырашып кетүү (*аялы менен, эри менен*).

**РАЗВЕСТИ'СЬ** II *сов. разг.* (*раствориться*) эрип кетүү.

**РАЗВЕСТИ'СЬ** III *сов.* (*расплодиться*) көбөйүп кетүү (*мис. чымын, канпала, чычкан*).

**РАЗВЕТВИ'ТЬ** *сов. что* тармактандыруу, тармак чыгаруу; **разветвить железнодорожный путь** темир жолдон тармак чыгаруу.

**РАЗВЕТВИ'ТЬСЯ** *сов.* тармактоо, тармак жаюу, тармакталып кетүү; **дорога разветвилась** жол тармакталып кетти.

**РАЗВЕТВЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** тармактоо, тармак жаюу, тармакталып кетүү; **разветвление нерва** *анат.* нерв тармактары; 2. (*отделение, часть*) тармак; **организация со многими разветвлениями** көп тармактуу уюм.

**РАЗВЕТВЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разветвить;** 2. *прил.* тармактуу, тармактанган.

**РАЗВЕТВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **разветвиться.**

**РАЗВЕ'ШАТЬ** *сов. что* ар кайсы жерге асып илүү, илүү, илип коюу; **развешать картины** сүрөттөрдү илүү.

**РАЗВЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **развесить** I.

**РАЗВЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **развесить** II, **развешать.**

**РАЗВЕ'ЯТЬ** *сов. что* **1.** (*разогнать*) таратып жиберүү, учуруп жиберүү; **ветер развеял облака** шамал булутту таратып жиберди; **ветром развеяло пыль** шамал чаңды учуруп жиберди; 2. *перен.* (*рассеять, уничтожить*) жоюу, жок кылуу; **развеять сомнения** күнөмдүктү жоюу.

**РАЗВЕ'ЯТЬСЯ** *сов.* 1. (*рассеяться*) туш-тушка учуп таралуу, сапырылуу; **2.** *перен.* таралып жок болуу, жоюлуу; **все опасения развеялись** бардык коркунучтар жоюлду.

**РАЗВИВА'ТЬ** I *несов. см.* **развить** I.

**РАЗВИВА'ТЬ** II *несов. см.* **развить** II.

**РАЗВИВА'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **развиться** I; **2.** *страд. к* **развивать** I.

**РАЗВИВА'ТЬСЯ** II *несов.* **1.** *см.* **развиться** II; **2.** *страд. к* **развивать** II.

**РАЗВИ'ЛИНА** *ж.* эки ача, айрылыш; **развилина дороги** эки жолдун айрылышы.

**РАЗВИ'ЛИСТЫЙ,** -ая, -ое ача, айры; **развилистый сук** ача бутак, айры бутак.

**РАЗВИ'ЛКА** *ж. см.* **развилина.**

**РАЗВИНТИ'ТЬ** *сов. что* бурамаларын ажыратуу, бурамасын чыгаруу; **развинтить части замка** кулпунун бөлүктөрүнүн бурамаларын ажыратуу.

**РАЗВИНТИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** бурамалары шалдыроо, кайра буралып бошотулуу; 2. *перен. разг.* бошоңдоо, алдыроо, шалдыроо, алы кетүү, начарлоо, керисинен кетүү; **я совсем развинтился** мен абдан бошоңдодум; **нервы развинтились** нервдер начарлады.

**РАЗВИ'НЧЕННОСТЬ** *ж.* шалдырагандык, бошогондук, керисинен кеткендик.

**РАЗВИ'НЧЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **развинтить;** 2. *прил. разг.* (*о человеке*) шалдыраган, далдыраган, бошогон; 3. *прил.* (*нетвёрдый*) шөлбүрөгөн; **он идёт развинченной походкой** ал шөлбүрөп басып бара жатат.

**РАЗВИ'НЧИВАТЬ** *несов. см.* **развинтить.**

**РАЗВИ'НЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **развинтиться; 2.** *страд. к* **развинчивать.**

**РАЗВИ'ТИЕ** *ср.* **1.** өнүгүү, өрчүү, өркүндөө; гүлдөө (*расцвет*); **развитие промышленности** өнөр жайдын өнүгүшү; 2. *филос.* өнүгүү; **законы общественного развития** коомдук өнүгүүнүн закондору; **диалектическое развитие** диалектикалык өнүгүү; **3.** (*степень сознательности, просвещённости, культурности*) жетилүү, жетишүү; **умственное развитие ребёнка** баланын акылынын жетилиши; **политическое развитие** саясий жетилгендик; ◇ **в развитие** *чего-л.* бирдемени өнүктүрүү иретинде; **в развитие этого положения** бул жобону өнүктүрүү иретинде.

**РАЗВИТО'Й,** -ая, -ое 1. өскөн, өнүккөн, өрчүгөн; **развитая промышленность** өрчүгөн өнөр жай; **2.** (*в умственном отношении*) жетилген, маалыматтуу, окумуштуу; 3. (*распространённый*) кең түрдө жайылган.

**РАЗВИ'ТЬ** I *сов. что* (*раскрутить*) чыйрыгын, жазуу, жандыруу; **развить верёвку** жипти жандыруу.

**РАЗВИ'ТЬ** II *сов.* 1. *что* (*усилить, укрепить*) бекемдөө, жетилтүү, чыңоо; **развить мускулатуру** булчуңдарды чыңоо; **2.** *что* (*довести до значительной степени*) арттыруу, күчөтүү; **развить скорость** ылдамдыкты күчөтүү; **3.** *кого-что* (*в умственном отношении*) жетилтүү, демитүү; **развить ребёнка** баланы жетилтүү; **4.** *что* (*широко развернуть*) өркүндөтүү, өрчүтүү, өнүктүрүү, күчөтүү; **развить промышленность** өнөр жайды өнүктүрүү; **развить агитацию** агитацияны күчөтүү; 5. *что* (*расширить содержание*) кеңитүү, өрчүтүү.

**РАЗВИ'ТЬСЯ** I *сов.* (*раскрутиться, расплестись*) жануу, жазылуу, тармалы жазылуу; **волосы развились** чач саксайып жазылды, чачтын тармалы жазылды.

**РАЗВИ'ТЬСЯ** II *сов.* **1.** (*окрепнуть*) чыңалуу, чыйралуу, демип өнүгүү; **мускулы развились** булчуң эт чыңалды; **память развилась** эс демип өнүктү; **2.** (*в умственном отношении*) жетилүү, акылы артуу; **мальчик развился** баланын акылы жетилди, бала акылына кирди; **3.** (*широко развернуться*) өнүгүү, өркүндөө; **развилась промышленность** өнөр жай өнүктү.

**РАЗВЛЕКА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кызыктыруучу, өзүнө тартуучу; **развлекательные рассказы** кызыктыруучу аңгемелер.

**РАЗВЛЕКА'ТЬ** *несов. см.* **развлечь.**

**РАЗВЛЕКА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **развлечься; 2.** *страд. к* **развлекать.**

**РАЗВЛЕЧЕ'НИЕ** *ср.* **1.** көңүл ачуу, эриккенди жазуу; **2.** (*то, что развлекает*) көңүл ачуучу, эриккенди жазуучу.

**РАЗВЛЕ'ЧЬ** *сов. кого* көңүл ачуу, эриккенди жазуу; **эта игра очень развлекла детей** бул оюн балдардын көңүлүн абдан ачты; **ничто не могло его развлечь** анын көңүлүн эч нерсе ача албады.

**РАЗВЛЕ'ЧЬСЯ** *сов. чем* көңүл ачуу, эриккенди жазуу.

**РАЗВО'Д** I *м.* **1.** (*расторжение брака*) ажырашуу (*күйөөдөн чыгуу, аялын коё берүү*); **2.** *воен.* орду-ордуна коюу; **развод часовых по местам** часовойлорду (кароолдорду) орду-ордуна коюу; 3. (*разъединение*) ажыратуу, бөлүү; **развод моста** көпүрөнү экиге ажыратуу.

**РАЗВО'Д** II *м.* (*разведение*) өстүрүү, өрчүтүү, асыроо, тукумдатуу, төлдөтүү.

**РАЗВОДИ'ТЬ** I *несов. см.* **развести** I.

**РАЗВОДИ'ТЬ** II *несов. см.* **развести** II.

**РАЗВОДИ'ТЬ** III *несов. см.* **развести** III.

**РАЗВОДИ'ТЬ** IV *несов. см.* **развести** IV.

**РАЗВОДИ'ТЬСЯ** I *несов. см.* **развестись** I.

**РАЗВОДИ'ТЬСЯ** II *несов. см.* **развестись** II.

**РАЗВОДИ'ТЬСЯ** III *несов. см.* **развестись** III.

**РАЗВО'ДКА** *ж.* **1.** ажыратуу, экиге ажыратуу; **разводка моста** көпүрөнү экиге ажыратуу; **2.** эки жакка матоо; **разводка пилы** араанын тишин эки жакка матоо; **3.** *тех.*

www.bizdin.kg

(*инструмент*) разводка (*арааның тиштерин матоочу аспап*).

**РАЗВОДНО'Й**, -а́я, -о́е экиге ачылма, экиге ажыратылма; **разводно́й мост** экиге ажыратылма көпүрө.

**РАЗВО'ДНЫЙ**, -ая, -ое **развод** 1-*ге т.*; ажыратуучу, ажыраштыруучу (*мис., эрди-катынды*); **разво́дное свиде́тельство** ажыраштыруу күбөлүк каты.

**РАЗВО'ДЫ** *только мн.* сайма, көчөт, гүл; **таре́лка с кра́сными разво́дами** кызыл көчөтү бар тарелка.

**РАЗВО'ДЬЕ** *ср. обл.* 1. (*половодье*) жазгы суунун киргени; 2. (*вода между льдами*) муз аралыгындагы (арасындагы) суу.

**РАЗВОДЯ'ЩИЙ** *м. воен.* разводящий (*часовойлорду, кароолдорду орду-ордуна коюп туруучу киши*).

**РАЗВО'З** *м.* ташып таратуу, ташып баруу, ташып тиешелүү жерлерине жеткирүү (*мис. машинага, арабага салып*); **разво́з това́ров по магази́нам** товарларды магазиндерге ташып таратуу.

**РАЗВОЗИ'ТЬ** *несов. см.* **развезти́** 1.

**РАЗВОЗИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*поднять возню*) бака-шака түшүү, кыйкырышуу; **де́ти что́-то развози́лись** эмнегедир балдар аркы-терки жүгүрүп, бака-шака түштү.

**РАЗВО'ЗКА** *ж. см.* **разво́з.**

**РАЗВОЗНО'Й**, -а́я, -о́е ташып таратылма; **развозно́й това́р** ташып таратылма товар.

**РАЗВОЛНОВА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* тынчты кетирүү, санааны бөлө алды кылуу; **э́та весть разволнова́ла меня́** бул кабар менин санаамды бөлө алды кылды.

**РАЗВОЛНОВА'ТЬСЯ** *сов. разг.* тынчсызданууу, санаа бөлө алды болуу; ◇ **мо́ре разволнова́лось** деңиз толкуду.

**РАЗВОРА'ЧИВАТЬ** I *несов. см.* **развороти́ть.**

**РАЗВОРА'ЧИВАТЬ** II *несов. см.* **разверну́ть.**

**РАЗВОРА'ЧИВАТЬСЯ** I *несов. страд. к* **развора́чивать** I.

**РАЗВОРА'ЧИВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *разг. см.* **разверну́ться;** 2. *страд. к* **развора́чивать** II.

**РАЗВОРОВА'ТЬ** *сов. что, разг.* уурдап жоготуу, уурдап түгөтүү.

**РАЗВОРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **разворова́ть.**

**РАЗВОРО'Т** *м.* 1. (*поворот*) бурулуш, имерилиш, кайрылыш; **маши́на сде́лала круто́й разворо́т** машина чукул бурулду; 2. *разг.* (*рост, развитие*) дүркүрөп өсүү, дүрүлдөө, күчөп өсүү (*мис. соода, курулуш*); **разворо́т сове́тской торго́вли** советтик сооданын дүркүрөп өсүшү.

**РАЗВОРОТИ'ТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*разбросать*) көңтөрүү, оодаруу, оодарып таштоо; **экскава́тор развороти́л зе́млю** экскаватор жерди (топуракты) оодарып таштады; 2. (*разломать*) каңтарып бузуп таштоо (*мис. көпүрөнү*).

**РАЗВОРОШИ'ТЬ** *сов. что* оодарып жаюу, которуп жаюу, оодарыштыруу; **мы развороши́ли се́но для просу́шки** биз чөптү кургатуу үчүн оодарыштырдык.

**РАЗВОРЧА'ТЬСЯ** *сов. разг.* каңкылдап жиберүү, күңүлдөө, күңүлдөй берүү, уруша кетүү, жемелеп салуу.

**РАЗВРА'Т** *м.* бузуктук, бузукчулук.

**РАЗВРАТИ'ТЕЛЬ** *м.* бузуучу, бузуктукка үйрөтүүчү, бузуктукка бет алдыруучу.

**РАЗВРАТИ'ТЬ** *сов. кого* бузуу, бузуктукка үйрөтүү, бузуктукка бет алдыруу.

**РАЗВРАТИ'ТЬСЯ** *сов.* бузулуу, бузуктукка үйрөнүү.

**РАЗВРА'ТНИК** *м.* бузукчул.

**РАЗВРА'ТНИЦА** *женск. р. к* **развра́тник.**

**РАЗВРА'ТНИЧАТЬ** *несов.* бузуктук кылуу.

**РАЗВРА'ТНОСТЬ** *ж.* бузукчулук, бузуктук, бузулгандык.

**РАЗВРА'ТНЫЙ**, -ая, -ое бузук; **развра́тное поведе́ние** бузук жүрүш-туруш.

**РАЗВРАЩА'ТЬ** *несов. см.* **разврати́ть.**

**РАЗВРАЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разврати́ться;** 2. *страд. к* **развраща́ть.**

**РАЗВРАЩЕ'НИЕ** *ср.* бузуу, бузуктукка үйрөтүү, бузуктукка бет алдыруу.

**РАЗВРАЩЁННОСТЬ** *ж.* бузулгандык, бузукчулук жагына оогандык.

**РАЗВРАЩЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **развраща́ть;** 2. *прил.* бузулган, бузуктук жагына ооган, бузук.

**РАЗВЬЮ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **развью́чить.**

**РАЗВЬЮ'ЧИТЬ** *сов. кого* жүк түшүрүү, унаанын жүгүн түшүрүү.

**РАЗВЯЗА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. чечүү (*түйүндү, байлоону, таңгакты*); 2. *перен.* (*дать возможность развиться*) жол берүү, себепкер болуу, себепчи болуу; **развяза́ть войну́** согушка себепкер болуу; ◇ **развяза́ть ру́ки** *кому-л.* *бирөөнүн* колу-жолун бош коюу; **развяза́ть язы́к** *разг.* тилди чыгаруу, сүйлөтүү (*мис. арак*).

**РАЗВЯЗА'ТЬСЯ** *сов.* 1. чечилүү (*түйүн, байлоо, таңгак*); 2. *с кем-чем, перен. разг.* бошонуу, кутулуу; **е́ле-е́ле с э́тим де́лом развяза́лся** араң дегенде ушул иштен кутулдум; ◇ **языки́ развяза́лись** *разг.* тилдер чыга баштады, тилдер буудай куура баштады.

**РАЗВЯ'ЗКА** *ж.* 1. *лит.* развязка (*адабий чыгарманын корутунду бөлүгү; ошондой эле татаал, чаташкан иштин чечилиши*); 2. *перен.* (*конец чего-л.*) аякталыш, натыйжа; **де́ло близи́тся к развя́зке** иштин аякталышына жакындап калды.

**РАЗВЯ'ЗНО** *нареч.* ыгы жок ачык-айрым болуп, калжактап, калжак-кулжак этип, эпсиз жалжактап.

**РАЗВЯ'ЗНОСТЬ** *ж.* ыгы жок ачык-айрымдык, калжак-кулжак этүүчүлүк.

**РАЗВЯ'ЗНЫЙ**, -ая, -ое ыгы жок ачык-айрым, калжактаган, калжак-кулжак эткен; **развя́зный челове́к** калжактаган киши; **развя́зное поведе́ние** калжак-кулжак эткен жүрүш-туруш.

**РАЗВЯ'ЗЫВАНИЕ** *ср.* чечүү (*мис. түйүндү*).

**РАЗВЯ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **развяза́ть.**

**РАЗВЯ'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **развяза́ться;** 2. *страд. к* **развя́зывать.**

**РАЗГАДА'ТЬ** *сов.* 1. *что* табуу; **разгада́й-ка зага́дку** табышмак тапчы; 2. *кого-что* түшүнүү, табуу, билүү; **я разгада́л его́ наме́рения** мен анын оюн билдим.

**РАЗГА'ДКА** *ж.* жандырмак (*табышмакка жандырмак*).

**РАЗГА'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **разгада́ть.**

**РАЗГА'Р** *м.* кызуу убак, кызуу кез, кызуу маал; **сеноко́с был в са́мом разга́ре** чөп чабуунун абдан кызыган убагы эле.

**РАЗГИБА'ТЬ** *несов. см.* **разогну́ть;** ◇ **рабо́тать не разгиба́я спины́** эс албастан иштөө, баш көтөрбөй иштөө.

**РАЗГИБА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разогну́ться;** 2. *страд. к* **разгиба́ть.**

**РАЗГИЛЬДЯ'Й** *м. разг.* шалакы, илээнди.

**РАЗГИЛЬДЯ'ЙНИЧАТЬ** *несов. разг.* шалакылык кылуу, илээндилик кылуу.

**РАЗГИЛЬДЯ'ЙСТВО** *ср. разг.* шалакылык, илээндилик.

**РАЗГЛАГО'ЛЬСТВОВАНИЕ** *ср. разг.* чечендсий берүү, тантый берүү.

**РАЗГЛАГО'ЛЬСТВОВАТЬ** *несов. разг.* чечендсий берүү, тантый берүү.

**РАЗГЛА'ДИТЬ** *сов. что* 1. таптоо, бырыш-тырышты тегиздөө (жазуу); **разгла́дить пла́тье утюго́м** көйнөктү үтүк менен басып таптоо; 2. (*напр. морщины*) кетирүү, жазуу (*мис. беттеги бырышты*).

**РАЗГЛА'ДИТЬСЯ** *сов.* бырыш-тырыш тегизделүү (жазылуу); **скла́дки пла́тья разгла́дились** көйнөктүн бырыш-тырыштары тегизделди; 2. (*напр. о морщинах*) кетүү, жазылуу (*мис. беттин бырышы*).

**РАЗГЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **разгла́дить.**

**РАЗГЛА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разгла́диться;** 2. *страд. к* **разгла́живать.**

www.bizdin.kg

**РАЗГЛАСИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*секрет, тайну*) элге таратуу (*жашырын нерсени, сырды*); **2.** *о чём, разг.* (*распространить что-л.*) жайып жиберүү, таратып жиберүү (*жок нерсени*).

**РАЗГЛАША'ТЬ** *несов. см.* **разгласи́ть.**

**РАЗГЛАШЕ'НИЕ** *ср.* элге таратуу (*жашырын нерсени*); **разглаше́ние служе́бной та́йны кара́ется зако́ном** кызматтык жашырын сырды элге таратуу закон боюнча жазаланат.

**РАЗГЛЯДЕ'ТЬ** *сов. кого-что* карап ажыратуу, карап билүү; **разгляде́ть в темноте́** караңгыда карап ажыратуу.

**РАЗГЛЯ'ДЫВАТЬ** *несов. кого-что* жакшылап кароо, ыйдан кароо.

**РАЗГНЕ'ВАТЬ** *сов. кого, уст.* каарын келтирүү, ачуусун келтирүү.

**РАЗГНЕ'ВАТЬСЯ** *сов. уст.* каардануу, ачуулануу.

**РАЗГОВА'РИВАТЬ** *несов. с кем-чем, о ком-чём* сүйлөшүү, аңгемелешүү.

**РАЗГОВЕ'ТЬСЯ** *сов. церк.* ооз ачуу (*христиан дининде— орозодо желбей турган эт, сүт, жумуртка аралашкан тамакты биринчи жолу жеш*).

**РАЗГОВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **разгове́ться.**

**РАЗГОВО'Р** *м.* сүйлөшүү, кеп, сөз; **кру́пный разгово́р** катуу айтышып калуу; **никаки́х разгово́ров!** сөз болууга мүмкүн эмес!; **завести́ разгово́р** кеп козгоо.

**РАЗГОВОРИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*вступить в разговор*) сүйлөшө баштоо, сүйлөй баштоо; **2.** (*увлечься разговором*) кызыгып сүйлөшүү, узун сөзгө кирүү, көпкө сүйлөшүү; **разговори́ться по душа́м** сыр жашырбай көпкө сүйлөшүү.

**РАЗГОВО'РНИК** *м.* разговорник (*суроо-жооп, сүйлөшүү түрүндө түзүлгөн тил үйрөнүү китеби*).

**РАЗГОВО'РНЫЙ,** -ая, -ое **разговор**-*го т.*; оозеки; **разгово́рный язы́к** оозеки тил (*адабий эмес*); **разгово́рная бу́дка** *разг.* сүйлөшүү будкасы (*телефон менен сүйлөшүү бөлмөсү*).

**РАЗГОВО'РЧИВОСТЬ** *ж.* кепкордук, сөзмөрдүк.

**РАЗГОВО'РЧИВЫЙ,** -ая, -ое кепкор, сөзмөр.

**РАЗГО'Н** *м.* **1.** (*толпы, собрания*) кууп таратуу, кууп тым-тыракайын чыгаруу; **разго́н демонстра́ции** демонстрацияны кууп таратуу; **2.** (*разбег*) жүгүрүү; **прыжо́к с разго́на** жүгүрүп барып секирүү; ◇ **в разго́не** *разг.* жүгүрүүдө, бош эмес; **все ло́шади в разго́не** аттардын бардыгы бош эмес, ишке чегилип жатат.

**РАЗГО'НИСТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* арасы ачык, тартагай (*жазуу*); **разго́нистый по́черк** тартагай жазуу.

**РАЗГОНЯ'ТЬ** *несов. см.* **разогна́ть.**

**РАЗГОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **разгороди́ть.**

**РАЗГОРА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разгороди́ться;** **2.** *страд. к* **разгора́живать.**

**РАЗГОРА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разгоре́ться.**

**РАЗГОРЕ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*начать гореть*) күйүү, жануу, тутануу, жалбырттап күйүү, лапылдап күйүү; **сыры́е дрова́ насилу разгоре́лись** суу отун араң күйдү; **пожа́р разгоре́лся** өрт жалбырттап күйдү; **2.** *перен.* (*напр. о заре*) кызаруу, алоолонуу (*мис. таң*); **3.** *перен.* (*о лице*) тамылжуу, кызаруу, кызыл жүгүрүү; **щёки его́ разгоре́лись** анын эки бети кызарып кетти, анын бети тамылжыды; **4.** *перен.* кызуу, күчөө, кайноо, делебеси козголуу; **спор разгоре́лся** талаш күчөдү; **5.** *перен.* (*усилиться, разойтись*) кызуу, күчөө (*мис. согуш, тартыш*); ◇ **глаза́ (и зу́бы) разгоре́лись** эки көзү өтүп чыгып кетти.

**РАЗГОРОДИ'ТЬ** *сов. что* бөлүп тосуу, тосуп бөлүү; **мы разгороди́ли ко́мнату** биз бөлмөнү тосуп бөлдүк.

**РАЗГОРОДИ'ТЬСЯ** *сов. с кем-чем* тосуп бөлүнүү.

**РАЗГОРЯЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* кызытуу, ээликтирүү, кызаңдатуу, алчылантуу, алкынтуу; **разгорячи́ть коня́** атты алчылантуу; **разгорячи́ть кровь** канын кызытуу.

**РАЗГОРЯЧИ'ТЬСЯ** *сов.* кызуу, ээлигүү, кызаңдоо, ачуулануу.

**РАЗГРА'БИТЬ** *сов. что* талоо, талап алуу, талап кетүү.

**РАЗГРАБЛЕ'НИЕ** *ср.* талоо, талап алуу, талап кетүү, талануу.

**РАЗГРАБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **разгра́бить.**

**РАЗГРАНИЧЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*разделение границей*) чектөө, чек салуу, чектелүү, чек салынуу, чек коюлуу, чек коюу; **2.** *перен.* чектөө, чек коюп ажыратуу, ажыратуу.

**РАЗГРАНИ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **разграни́чить.**

**РАЗГРАНИ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разграни́читься;** **2.** *страд. к* **разграни́чивать.**

**РАЗГРАНИЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое чектегич, чек салуучу, чектеп бөлүүчү, чектеп ажыраткыч; **разграничи́тельная ли́ния** чектеп бөлүүчү сызык.

**РАЗГРАНИ'ЧИТЬ** *сов. что* **1.** (*разделить границей*) чектөө, чек салуу, чек салып бөлүү, чек коюу; **2.** (*точно определить*) тактоо, чектөө, чек коюп ажыратуу, ажыратуу; **разграни́чить поня́тия** түшүнүктөрдү тактоо.

**РАЗГРАНИ'ЧИТЬСЯ** *сов.* чектелүү, чектөө.

**РАЗГРАФИ'ТЬ** *сов. что* сызуу, сызык түшүрүү, графалоо, графалап сызуу; **разграфи́ть бума́гу** кагазды графалап сызуу.

**РАЗГРАФЛЕ'НИЕ** *ср.* сызуу, сызык түшүрүү, сызылуу, графалоо, графалануу, графалап сызуу.

**РАЗГРАФЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **разграфи́ть.**

**РАЗГРЕБА'ТЬ** *несов. см.* **разгрести́.**

**РАЗГРЕСТИ'** *сов. что* туш-тушка же эки жакка күрөө (шилөө).

**РАЗГРО'М** *м.* **1.** (*врага*) кыйратуу, талкалоо, таш-талканын чыгаруу, быт-чытын чыгаруу; **разгро́м а́рмии проти́вника** душмандын армиясын талкалоо; **2.** (*разорение*) бүлүнүү, кыйроо; **карти́на по́лного разгро́ма** такыр бүлүнгөн, кыйраган көрүнүш; **3.** *разг.* (*беспорядок*) былыгуу, былыгып жатуу, баш аламан болуу; **в кварти́ре у него́ по́лный разгро́м** анын үйү аябай былыккан.

**РАЗГРОМИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*врага*) кыйратуу, талкалоо, таш-талканын чыгаруу, быт-чытын чыгаруу; **2.** (*разорить*) кыйроо, бүлүндүрүү, талап алуу.

**РАЗГРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **разгрузи́ть.**

**РАЗГРУЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разгрузи́ться;** **2.** *страд. к* **разгружа́ть.**

**РАЗГРУЗИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** жүк түшүрүү, жүгүн түшүрүү; **разгрузи́ть ваго́ны** вагондордун жүгүн түшүрүү; **2.** *перен.* артык нагрузкадан, артык жүктөлгөн жумуштан бир аз бошотуу; ишин бир аз жеңилдетүү; **разгрузи́ть рабо́тника** кызматчынын ишин бир аз жеңилдетүү.

**РАЗГРУЗИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** жүгү түшүрүлүү; **парохо́д разгрузи́лся** пароходдун жүгү түшүрүлдү; **2.** *перен.* артык нагрузкадан, артык жүктөлгөн жумуштан бир аз бошоо; иши бир аз жеңилдөө.

**РАЗГРУ'ЗКА** *ж.* **1.** жүк түшүрүү, жүгүн түшүрүү, жүктөн бошоо, жүктөн бошотуу; **разгру́зка ваго́на** вагондун жүгүн түшүрүү; **2.** *перен.* ашык нагрузкадан, артык жүктөлгөн иштен бир аз бошотуу.

**РАЗГРУ'ЗОЧНЫЙ,** -ая, -ое **разгрузка**-*га т.*; **разгру́зочные рабо́ты на железнодоро́жном и во́дном тра́нспорте** темир жол жана суу транспортторунда жүк түшүрүү жумуштары; **разгру́зочный пункт** жүк түшүрүү пункуту.

**РАЗГРЫЗА'ТЬ** *несов. см.* **разгры́зть.**

**РАЗГРЫ'ЗТЬ** *сов. что* кемирип сындыруу, кемирип чагуу, тиштеп чагуу (*мис. жаңгакты*).

**РАЗГУ'Л** *м.* **1.** (*кутёж*) зөөкүрдүк, аракечтик, пьянкечтик; **2.** *перен.* ээнбаштык, ээнбаштыктын күчөшү; **разгу́л реа́кции** реакциянын ээнбаштыгы.

**РАЗГУ'ЛИВАТЬ** *несов.* **1.** *разг.* тамаша кылуу, тамаша кылып жүрүү; **разгу́ливать по го́роду** шаарды аралап, тамаша кылып жүрүү; **2.** *см.* **разгуля́ть.**

**РАЗГУ'ЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **разгуля́ться.**

**РАЗГУ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое зөөкүрдүк, аракечтик, пьянкечтик; **разгу́льный о́браз жи́зни** өмүрдү зөөкүрдүк ме-

www.bizdin.kg

нен өткөрүү; **вести разгу́льную жизнь** зөөкүрдүк турмушта жашоо.

**РАЗГУЛЯ'ТЬ** *сов. кого, разг.* ойнотуп алагды кылуу; **разгуля́ть ребёнка, чтоб не спал** уктап калбасын үчүн, баланы ойнотуп алагды кылуу.

**РАЗГУЛЯ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*проясниться*) ачылуу, чайыттай ачык болуу; **пого́да разгуля́лась** күн ачылып кетти; 2. бир нерсеге кызыгып уйку качуу; **ребёнок разгуля́лся и засну́ть бо́льше не мог** баланын уйкусу качты да, уктай албай койду; 3. (*о буре, ветре*) толкундануу, дуулдоо; **мо́ре разгуля́лось** деңиз толкунданды.

**РАЗДАВА'ТЬ** *несов. см.* **разда́ть** I.

**РАЗДАВА'ТЬСЯ** I *несов. см.* **разда́ться** I.

**РАЗДАВА'ТЬСЯ** II *несов. страд. к* **раздава́ть.**

**РАЗДАВИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* басып өлтүрүү, эзип өлтүрүү; 2. *что* (*смять*) басып былчыйтуу; **раздави́ть я́году** жемишти басып былчыйтуу; 3. *кого-что, перен.* (*нанести поражение*) талкалоо, кыйратуу.

**РАЗДА'ИВАТЬ** *несов. см.* **раздои́ть.**

**РАЗДА'РИВАТЬ** *несов. см.* **раздари́ть.**

**РАЗДАРИ'ТЬ** *сов. что* сыйлап үлөштүрүү, сыйлык кылып таратып берүү; **он раздари́л все свои́ кни́ги** ал өзүнүн китептеринин бардыгын сыйлык кылып таратып берди.

**РАЗДА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое таратып берме, үлөштүрүп берүүчү, бөлүп берме; **разда́точный пункт** таратып берме пункт.

**РАЗДА'ТЧИК** *м.* таратып берүүчү, таркатып берүүчү, үлөштүрүп берүүчү.

**РАЗДА'ТЧИЦА** *женск. р. к* **разда́тчик.**

**РАЗДА'ТЬ** I *сов. что* таратып берүү, таркатып берүү, үлөштүрүп берүү; **разда́ть зарпла́ту** кызмат акыны таратып берүү; **разда́ть пода́рки** сыйлыктарды үлөштүрүп берүү.

**РАЗДА'ТЬ** II *сов. что* (*растянуть, расширить*) керүү, чоюу, керип-чоюу; **разда́ть сапоги́ на коло́дке** өтүктү калыпка салып керүү.

**РАЗДА'ТЬСЯ** I *сов.* (*прозвучать*) жаңыруу, угулуу (*үн, добуш*).

**РАЗДА'ТЬСЯ** II *сов.* 1. (*расступиться*) экиге жарылуу, эки бөлүнүп жол берилүү (*мис. көп киши*); **толпа́ разда́лась** калың эл экиге бөлүндү (*экиге бөлүнүп, жол берди*); 2. (*потолстеть*) жоонсюу, дардаюу, туурасы чыгуу (*мис. семирип*).

**РАЗДА'ЧА** *ж.* таратып берүү, таркатып берүү, үлөштүрүп берүү; **разда́ча пода́рков** сыйлыктарды таратып берүү.

**РАЗДВА'ИВАТЬ** *несов. см.* **раздвои́ть.**

**РАЗДВА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **раздвои́ться;** 2. *страд. к* **раздва́ивать.**

**РАЗДВИГА'ТЬ** *несов. см.* **раздви́нуть.**

**РАЗДВИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **раздви́нуться;** 2. (*быть раздвижным*) суурулуп чыгуу (*кеңүү*); 3. *страд. к* **раздвига́ть.**

**РАЗДВИЖНО'Й,** -а́я, -о́е 1. эки жакка суурулуп кеңиме; **раздвижно́й стол** суурулуп кеңиме стол; 2. эки жакка жыйылма, эки жакка түрүлмө; **раздвижно́й за́навес** эки жакка жыйылма көшөгө.

**РАЗДВИ'НУТЬ** *сов.* 1. *что* арасын ачып жылдыруу, эки жакка ажыратып арасын ачуу; 2. *кого-что* (*заставить расступиться*) экиге жаруу, экиге жарылтып жол ачуу (*мис. көп кишини*).

**РАЗДВИ'НУТЬСЯ** *сов.* 1. эки жакка ачылуу, ачылуу, эки жакка бөлүнүү; **за́навес раздви́нулся** көшөгө ачылды; 2. (*расступиться*) эки жакка жарылып жол берүү, экиге бөлүнүп жол берүү (*мис. көп киши*).

**РАЗДВОЕ'НИЕ** *ср.* экиге айрылуу; ◇ **раздвое́ние ли́чности** *мед.* кишинин экиге бөлүнүшү (*психикалык оору*).

**РАЗДВО'ЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **раздвои́ть;** 2. *прил.*: **раздво́енное копы́то** ача туяк; 3. *прил. перен.* эки жактуу, эки анжы.

**РАЗДВОЁННЫЙ,** -ая, -ое *см.* **раздво́енный.**

**РАЗДВОИ'ТЬ** *сов. что* экиге бөлүү, экиге ажыратуу.

**РАЗДВОИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*разделиться надвое*) экиге бөлүнүү, экиге айрылуу, экиге ажыроо, эки ача болуу; 2. *перен.* эки анжы болуу, эки ойлуу болуу, деңдароо болуу; **созна́ние раздвои́лось** оюу экиге бөлүндү.

**РАЗДЕВА'ЛКА** *ж. разг.* раздевалка (*кийим чечилип коюлуучу жай*).

**РАЗДЕВА'ЛЬНЯ** *ж. см.* **раздева́лка.**

**РАЗДЕВА'ЛЬЩИК** *м. разг.* раздевалкада иштей турган киши.

**РАЗДЕВА'НИЕ** *ср.* чечиндирүү, чечинтүү, чечинүү, чечүү.

**РАЗДЕВА'ТЬ** *несов. см.* **разде́ть.**

**РАЗДЕВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разде́ться;** 2. *страд. к* **раздева́ть.**

**РАЗДЕ'Л** *м.* 1. (*разделение*) бөлүү, үлөштүрүү, бөлүштүрүү; **разде́л иму́щества** мүлктү бөлүү; 2. (*часть текста*) раздел, бөлүк; **разде́л кни́ги** китептин бөлүгү; 3. (*граница*) чек; чек сызык; **разде́л рек** *см.* **водоразде́л.**

**РАЗДЕ'ЛАТЬ** *сов.* 1. *что* (*отделать*) окшотуп боёо; **разде́лать сте́ны под берёзу** дубалды кайыңга окшотуп боёо; 2. *что* (*обработать*) иштетүү (*мис. жерди*); 3. *кого-что, перен. разг.* (*расправиться*) жазасын берүү, сазайын окутуу, сазайын колуна берүү; **разде́лать** *кого-л.* **под оре́х** *разг. биреөнүн* жазасын берүү; акесин таанытуу.

**РАЗДЕ'ЛАТЬСЯ** *сов. с кем-чем, разг.* 1. (*освободиться*) кутулуу (*мис. карыздан*); 2. (*расправиться*) өч алуу, сазайын колуна берүү.

**РАЗДЕЛЕ'НИЕ** *ср.* бөлүштүрүү, бөлүү, үлөштүрүү; **обще́ственное разделе́ние труда́** эмгектин коомдук бөлүнүшү.

**РАЗДЕЛИ'МЫЙ,** -ая, -ое бөлүнүүчү, бөлүнө турган.

**РАЗДЕЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*делящий*) бөлүүчү, бөлө турган; 2. *грам.* бөлгүч, ажыраткыч; **раздели́тельный знак** бөлгүч белги; **раздели́тельный сою́з** бөлгүч байламта.

**РАЗДЕЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*на части, группы*) бөлүү, бөлүштүрүү, үлөштүрүү; **раздели́ть де́сять на пять** онду бешке бөлүү; 2. *что* (*поделить с кем-л.*) бөлүү, бөлүшүү; **раздели́ть попола́м** тепетең бөлүү; 3. *что с кем, перен.* (*напр. радость*) ортоктошуу, орток болуу, кошо тартуу, тең көрүү, шериктешүү (*мис. кайгыны, кубанычты*).

**РАЗДЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. бөлүнүү; **раздели́ться на ча́сти** бөлүктөргө бөлүнүү; **э́то число́ разде́лится на три без оста́тка** бул сан үчкө калдыксыз бөлүнөт; 2. *с кем* (*разделить имущество*) бөлүү, энчи бөлүшүү; 3. *перен.* (*обнаружить несогласие, разойтись*) келишпөө, эки жакка бөлүнүү (*мис. пикир*).

**РАЗДЕ'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **разде́лать.**

**РАЗДЕ'ЛЬНО** *нареч.* даана, бөлүп-бөлүп, ачык; **разде́льно произноси́ть** бөлүп-бөлүп айтуу.

**РАЗДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*отдельный*) бөлөк, өзүнчө бөлөк, айрым, өзүнчө; **разде́льное жи́тельство** өзүнчө бөлөк туруу; 2. (*чёткий*) даана, бөлүп-бөлүп, ачык; **разде́льное произноше́ние** сөздү даана айтуу, бөлүп-бөлүп айтуу; 3. *юр.*: **разде́льный акт** мүлктү бөлүштүрүүчү акты; 4. *с.-х.*: **разде́льная убо́рка** бөлүп-бөлүп чаап жыйноо.

**РАЗДЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **раздели́ть;** ◇ **разделя́ть** *чьё-л.* **мне́ние** *биреөнүн* пикирине кошулуу.

**РАЗДЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **раздели́ться;** 2. (*состоять из нескольких разделов*) бөлүнүү (*тыбыш, үн*); **зву́ки разделя́ются на гла́сные и согла́сные** тыбыштар үндүү жана үнсүздөргө бөлүнөт; 3. *страд. к* **разделя́ть.**

**РАЗДЁРГИВАТЬ** *несов. см.* **раздёрнуть.**

**РАЗДЁРНУТЬ** *сов. что, разг.* силкип экиге бөлүү, серпип экиге ажыратуу (*мис. экиге ачылма көшөгөнү*); **раздёрнуть занаве́ски** (терезенин) пардасын серпип эки жакка ачуу.

www.bizdin.kg

**РАЗДЕ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **раздéть; 2.** *прил.* чечинген, жылаңач, кийимсиз.

**РАЗДЕ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** чечүү, чечинтүү (*мис. баланы*); **2.** *разг.* (*с целью ограбления*) каракташ чечинтип алуу.

**РАЗДЕ'ТЬСЯ** *сов.* чечинүү.

**РАЗДИРА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **разодрáть; 2.** *перен.* (*терзать, причинять боль*) кыйноо, азап тарттыруу (*мис. кайгы*).

**РАЗДИРА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разодрáться.**

**РАЗДИРА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **раздирáть; 2.** *прил.* жанды кейиткен, жан чыдагыс; **раздирáющий дýшу крик** жан чыдагыс кыйкырык.

**РАЗДОБРЕ'ТЬ** *сов. разг.* жоонооюу, туурасы чыгуу (*мис. семирүү, май басуу*).

**РАЗДО'БРИТЬ** *сов. кого, разг.* балкытып жиберүү, көңүлүн эритүү (*мис. мактап, жакшы сүйлөп*), ак көңүлүн карматуу.

**РАЗДО'БРИТЬСЯ** *сов. разг.* марттыгы кармоо, берешендик кылуу.

**РАЗДОБЫВА'ТЬ** *несов. см.* **раздобы́ть.**

**РАЗДОБЫ'ТЬ** *сов. что, разг.* издеп табуу, таап алуу; **раздобы́ть нýжную кни́гу** керектүү китепти таап алуу.

**РАЗДОИ'ТЬ** *сов. кого, с.-х.* кунардуу кылуу, сүттүү кылуу.

**РАЗДО'Й** *м. с.-х.* кунардуу кылуу, сүттүү кылуу.

**РАЗДО'ЛЬЕ** *ср.* **1.** (*простор*) кең-кесирилик, боштондук; **степнóе раздóлье** талаа кең-кесирилиги; **2.** *перен.* (*свобода*) эмин-эркиндик; **емý здесь раздóлье** ал бул жерде эмин-эркин жүрөт.

**РАЗДО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* эмин-эркин.

**РАЗДО'Р** *м.* талаш-тартыш, чыр-чатак, кериш; ◇ **сéять раздóр** араздаштыруу; **я́блоко раздóра** чатак алма (*чатакты туудуруучу себеп*).

**РАЗДОСА'ДОВАТЬ** *сов. кого, разг.* өкүндүрүү, ыза кылуу.

**РАЗДРАЖА'ТЬ** *несов.* **1.** *что, физиол.* дүүлүктүрүү; **раздражáть слизистую оболóчку глáза** көздүн былжырлуу оболочкасын дүүлүктүрүү; **2.** *кого-что, перен.* (*сердить*) кыжырдантуу, жинин келтирүү, туталантуу; **раздражáть кого-л. назойливыми прóсьбами** кайта-кайта сурай берип бирөөнү кыжырдантуу.

**РАЗДРАЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *физиол.* дүүлүгүү; **2.** (*сердиться, приходить в возбуждение*) кыжырдануу, жини келүү, туталануу; **3.** *страд. к* **раздражáть.**

**РАЗДРАЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** *физиол.* (*действие*) дүүлүктүрүү; дүүлүгүү, кычышуу; **óстрое раздражéние желýдка** аш казандын катуу дүүлүгүшү; **2.** (*возбуждение, недовольство, гнев*) кыжырдануу, жини келүү, туталануу.

**РАЗДРАЖЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **раздражáть; 2.** *прил.* (*воспалённый*) дүүлүккөн, кычышкан (*мис. дене*); **3.** *прил.* (*недовольный*) кыжырданган, жини келген, туталанган.

**РАЗДРАЖИ'МОСТЬ** *ж. физиол.* дүүлүккүчтүк; **раздражи́мость кóжи** теринин дүүлүккүчтүгү.

**РАЗДРАЖИ'ТЕЛЬ** *м. физиол.* дүүлүктүргүч.

**РАЗДРАЖИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кыжырдангычтык, жини келгичтик, туталангычтык.

**РАЗДРАЖИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кыжырдангыч, жини келгич, туталангыч.

**РАЗДРАЖИ'ТЬ** *сов. см.* **раздражáть.**

**РАЗДРАЖИ'ТЬСЯ** *сов. см.* **раздражáться.**

**РАЗДРАЗНИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*рассердить*) кыжырына тийүү, ачуусуна тийүү; **2.** *перен.* (*возбудить*) эңсетүү, ағысын келтирүү; **раздразни́ть аппети́т** тамак жегисин келтирүү.

**РАЗДРОБИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*разбить*) майдалоо, күкүмдөө, талкалоо; **раздроби́ть кáмень** ташты талкалоо; **2.** *мат.* (*преобразовать*) бөлүү (*мис. метрди сантиметрге*); **3.** (*разделить*) бөлүү; **раздроби́ть на составны́е чáсти** составдык бөлүктөргө бөлүү.

**РАЗДРОБИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*разбиться*) майдалануу, күкүмдөлүү, талкалануу; **кáмень раздроби́лся** таш талкаланды; **2.** (*разделиться*) бөлүнүү.

**РАЗДРОБЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*разбивание*) майдалоо, күкүмдөө, талкалоо; **2.** *мат.* бөлүү (*мис. метрди сантиметрлерге*); **3.** (*разделение*) бөлүү.

**РАЗДРО'БЛЕННОСТЬ** *ж.* майдалангандык, чачкындык.

**РАЗДРОБЛЁННОСТЬ** *ж. см.* **раздрóбленность.**

**РАЗДРО'БЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **раздроби́ть; 2.** *прил.* (*разбитый, повреждённый*) майдаланган, күкүмдөлгөн, талкаланган; **раздрóбленный кáмень** талкаланган таш; **3.** *прил. перен.* (*разъединённый*) бытыранды, чачкын, бириндеген, чачынды.

**РАЗДРОБЛЁННЫЙ,** -ая, -ое *см.* **раздрóбленный.**

**РАЗДРОБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **раздроби́ть.**

**РАЗДРОБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **раздроби́ться; 2.** *страд. к* **раздробля́ть.**

**РАЗДРУЖИ'ТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* достошпой калуу, татуулашпай калуу.

**РАЗДУВА'НИЕ** *ср.* **1.** (*огня*) үйлөө, желпүү (*мис. отту*); **2.** *перен.* (*преувеличение*) апыртуу, бирин эки кылуу, дуулдатуу.

**РАЗДУВА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **раздýть; 2.** *что* (*развевать*) желбиретүү, желпилдетүү; **вéтер раздувáет знамёна** жел тууларды желбиретет.

**РАЗДУВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **раздýться; нóздри раздувáются** таноолор дердеңдейт; **2.** *страд. к* **раздувáть.**

**РАЗДУ'МАТЬ** *сов.* айнуу, айнып калуу; **он раздýмал идти́ в кинó** ал киного баруудан айнып калды.

**РАЗДУ'МЫВАТЬ** *несов.* **1.** (*думать о чём-л.*) ойлонуу, ойго түшүү, ойлоо; **2.** (*колебаться*) арсар болуу, эки ойлуу болуу, эки анжы болуу, ыргылжың болуу; **3.** *см.* **раздýмать.**

**РАЗДУ'МЬЕ** *ср.* **1.** (*задумчивость*) ойлонуу, ой; **погрузи́ться в раздýмье** ойго батуу; **в глубóком раздýмье** терең ойго батып отуруп; **2.** (*колебание*) арсар болуу, арсарсуу, ыргылжың болуу; **меня́ взя́ло раздýмье** мен арсар ойдо калдым.

**РАЗДУ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **раздýть; 2.** *прил.* (*распухший*) шишиңки; **раздýтая щекá** шишиңки жаак; **3.** *прил. перен.* (*преувеличенный*) ашырылган, ыгы жок көбөйтүлгөн; **раздýтый бюджéт** ыгы жок көбөйтүлгөн бюджет; **раздýтые штáты** ыгы жок көбөйтүлгөн штат.

**РАЗДУ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*разжечь*) үйлөп күйгүзүү; **он раздýл огóнь** ал отту үйлөп күйгүздү; **2.** *безл. разг.* (*образовать опухоль*) шишүү, шишип чыгуу; **емý раздýло щёку** анын бети шишип чыкты; **3.** *перен.* (*преувеличить*) ашырып жиберүү, апыртуу; **4.** *разг.* (*разнести ветром, дутьём*) туш-тушка учуруп кетүү.

**РАЗДУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*наполниться воздухом*) ичине жел толуу, көбүү; **2.** (*спухнуть*) шишүү, шишип кетүү, шишимек тартуу; **щекá раздýлась** бет шишиди.

**РАЗЕВА'ТЬ** *несов. см.* **рази́нуть.**

**РАЗЖА'ЛОБИТЬ** *сов. кого* боор оорутуу, ич ачытуу, аяныч туудуруу.

**РАЗЖА'ЛОБИТЬСЯ** *сов.* боору ооруу, ичи ачуу, аёо.

**РАЗЖА'ЛОВАНИЕ** *ср. уст.* мансабын (чинин) кичирейтүү, кызмат милдетин төмөндөтүү, чинин төмөндөтүү.

**РАЗЖА'ЛОВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разжáловать; 2.** *прил.* чини төмөндөтүлгөн; **3.** *знач. сущ. м.* мансабы (чини) төмөндөгөн киши.

**РАЗЖА'ЛОВАТЬ** *сов. кого, уст.* мансабын (чинин) кичирейтүү, кызмат милдетин төмөндөтүү, чинин төмөндөтүү.

**РАЗЖА'ТЬ** *сов. что* жазуу, ачуу; **он разжáл кулáк** ал муштумун жазды.

www.bizdin.kg

**РАЗЖА'ТЬСЯ** *сов.* жазылуу, ачылуу; **кулаки его разжа́лись** анын муштумдары жазылды.

**РАЗЖЕВА'ТЬ** *сов. что* 1. чайноо, кепшөө; 2. *перен. разг.* (*растолковать*) чайнап берүү, абдан түшүндүрүү; ◇ **разжева́ть и в рот положи́ть** чайнап жана жута турган кылып оозуна салуу (*абдан толук түшүндүрүү*).

**РАЗЖЕВЫВАНИЕ** *ср.* 1. чайноо, кепшөө; 2. *перен.* чайнап берүү, абдан түшүндүрүү.

**РАЗЖЕВЫВАТЬ** *несов. см.* **разжева́ть.**

**РАЗЖЕ'ЧЬ** *сов. что* 1. жагуу, күйгүзүү, тутандыруу; **разже́чь ого́нь** от жагуу; 2. *перен.* күчөтүү, күч алдыруу, жалындатуу; **разже́чь стра́сти** кумарын келтирүү.

**РАЗЖЕ'ЧЬСЯ** *сов.* 1. жагуу, күйүү, тутануу (*мис. от*); 2. *перен.* күчөө, күч алуу (*мис. душмандык*).

**РАЗЖИ'ВА** *ж. прост.* ирденүү кору, оокат кору.

**РАЗЖИВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разжи́ться.**

**РАЗЖИГА'ТЬ** *несов. см.* **разже́чь.**

**РАЗЖИГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разже́чься;** 2. *страд. к* **разжига́ть.**

**РАЗЖИДИ'ТЬ** *сов. что* суюлтуу, суюк кылуу.

**РАЗЖИЖА'ТЬ** *несов. см.* **разжиди́ть.**

**РАЗЖИЖЕ'НИЕ** *ср.* суюлтуу, суюк кылуу; **разжиже́ние во́здуха** абаны суюлтуу.

**РАЗЖИМА'ТЬ** *несов. см.* **разжа́ть;** ◇ **сиде́ть не разжима́я рта** ооз ачпай, сүйлөбөй, унчукпай отуруу.

**РАЗЖИМА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разжа́ться;** 2. *страд. к* **разжима́ть.**

**РАЗЖИРЕ'ТЬ** *сов. разг.* семирүү, май алуу, май басуу, семирип кетүү, май басып кетүү.

**РАЗЖИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*разбогатеть*) баюу, байып кетүү; 2. *чем* (*раздобыть*) табуу, издеп табуу; **разжи́ться деньга́ми** акча табуу (*мис. карыз алып*).

**РАЗЗАДО'РИВАТЬ** *несов. см.* **раззадо́рить.**

**РАЗЗАДО'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **раззадо́риться;** 2. *страд. к* **раззадо́ривать.**

**РАЗЗАДО'РИТЬ** *сов. кого, разг.* кызыктыруу, көкүтүү, ээликтирүү, желиктирүү, делөөрүтүү.

**РАЗЗАДО'РИТЬСЯ** *сов. разг.* кызуу, көкүү, ээленүү, желигүү.

**РАЗЗВА'НИВАТЬ** *несов. см.* **раззвони́ть.**

**РАЗЗВОНИ'ТЬ** *сов. что, о ком-чём, разг.* дөөрүп таратып жиберүү, көрүнгөнгө дөөрүй берүү.

**РАЗЗНАКО'МИТЬСЯ** *сов. с кем-чем, разг.* таанышпай кетүү, таанышпай калуу, тааныштыкты үзүп кетүү.

**РАЗИ'НУТЬ** *сов. что, разг.* ачуу (*мис. оозду*), аңкаюу; ◇ **слу́шать** *кого-л.* **рази́нув рот** оозун ачып, таң калып угуу.

**РАЗИ'НЯ** *м. и ж. пренебр.* ачык ооз, элегей, аңкыгый (*элейген ачык ооз киши*).

**РАЗИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* таң калдыргычтык, күчтүү таасир эте ала тургандык.

**РАЗИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое өтө укмуштуу, таң калардык.

**РАЗИ'ТЬ** I *несов. кого-что* (*наносить удары*) чаап жарадар кылуу, сокку уруу, согуу; **рази́ть враго́в** душманга сокку уруу.

**РАЗИ'ТЬ** II *несов. безл. чем от кого-чего, прост.* (*па́хнуть*) буруксуп жыттануу, коңурсуп жыттануу; **от него́ рази́т во́дкой** андан арактын жыты буруксуп турат.

**РАЗЛАГА'ТЬ** *несов. см.* **разложи́ть** 3, 4.

**РАЗЛАГА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разложи́ться** 1, 2, 3; 2. *страд. к* **разлага́ть.**

**РАЗЛАГА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **разлага́ть;** 2. *прил.* бузуучу, тескери таасир кылуучу, жолдон чыгаруучу; **разлага́ющее влия́ние** тескери таасир.

**РАЗЛА'Д** *м.* 1. (*отсутствие согласованности*) ыйкы-тыйкылык, келише албастык; **разла́д в рабо́те** иштеги ыйкы-тыйкылык; 2. (*раздор*) чыр-чатак, кыжың-кужуң; **вноси́ть разла́д** кыжың-кужуң кылуу.

**РАЗЛА'ДИТЬ** *сов.* 1. *что* (*испортить*) бузуу, бүлдүрүү; **разла́дить маши́ну** машинаны бузуу; 2. *разг.* (*расстроить, разрушить*) ыркын кетирүү, бузуу, бүлдүрүү; **разла́дить де́ло** иштин ыркын кетирүү.

**РАЗЛА'ДИТЬСЯ** *сов.* 1. (*стать неисправным*) бузулуу, бүлүнүү; **маши́на разла́дилась** машина бузулду; 2. *разг.* (*расстроиться, нарушиться*) кедери кетүү, ыркы бузулуу; **де́ло разла́дилось** иштин ыркы бузулду.

**РАЗЛА'ЖЕННОСТЬ** *ж.* бузулгандык, бүлүнгөндүк (*мис. машинанын*).

**РАЗЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **разла́дить.**

**РАЗЛА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разла́диться;** 2. *страд. к* **разла́живать.**

**РАЗЛА'КОМИТЬ** *сов. кого чем, разг.* таткантуу, таткандыруу, татыгын алдыруу.

**РАЗЛА'КОМИТЬСЯ** *сов. разг.* таткануу, татыгын алуу.

**РАЗЛА'МЫВАТЬ** *несов. см.* **разлома́ть, разломи́ть.**

**РАЗЛА'МЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разлома́ться, разломи́ться;** 2. *страд. к* **разла́мывать.**

**РАЗЛЕЗА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разле́зться.**

**РАЗЛЕ'ЗТЬСЯ** *сов. разг.* сан-сан болуп айрылуу, жик-жигинен айрылуу, тытылып түшүү; **пла́тье разле́злось** көйнөк сан-сан болуп айрылды.

**РАЗЛЕНИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* жалкоо болуу, жалкоолонуу.

**РАЗЛЕПИ'ТЬ** *сов. что, разг.* 1. (*что-л. склеенное*) желимин ажыратуу, желимин чыгаруу; 2. (*налепить повсюду*) ар кайсы жерге жабыштыруу.

**РАЗЛЕПИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* желими ажыроо, желими чыгуу.

**РАЗЛЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **разлепи́ть.**

**РАЗЛЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разлепи́ться;** 2. *страд. к* **разлепля́ть.**

**РАЗЛЁТ** *м. разг.* тездик, күүлөнүш; **уда́риться с разлёта** *обо что-л.* күүлөнүп барып *бир нерсеге* урунуу; **перескочи́ть с разлёта** *через что-л.* жүгүрүп барып, *бир нерседен* секирип өтүү.

**РАЗЛЕТА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разлете́ться;** 2. (*о полах одежды*) эки жакка ачылуу, туш-тушка учуп кетүү; **по́лы пальто́ разлета́ются** пальтонун этеги делбиреп ачылып турат.

**РАЗЛЕТЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*улететь в разные стороны*) туш-тушка учуп кетүү; **пти́цы разлете́лись** куштар туш-тушка учуп кетти; 2. *перен. разг.* (*разбиться*) быркыроо, таш-талканы чыгуу; **пиала́ разлете́лась вдре́безги** чыны быркырап калды; 3. *перен.* (*исчезнуть*) жок болуу, таш кабуу; **его́ наде́жды разлете́лись** үмүтү таш капты; 4. *разг.* (*набрать скорость*) чымылдоо, чымылдап чуркоо, күүлөнүп ылдамдоо; 5.* *разг.* (*вбежать поспешно*) шашкалактап жүгүрүп кирүү (*мис. уруксатсыз*).

**РАЗЛЕ'ЧЬСЯ** *сов. разг.* созулуп жатып алуу; жатып алуу; **разле́чься на траве́** чөпкө созулуп жатып алуу.

**РАЗЛИ'В** *м.* 1. (*половодье*) ташкын, суу ташкыны; 2. (*вина и т. п.*) куюу, куюштуруу (*мис. бочкадан бөтөлкөлөргө*).

**РАЗЛИВА'ННЫЙ,** -ая, -ое: **разлива́нное мо́ре** *разг.* 1) (*пьянство*) аябай ичкилик ичүү; 2) *чего* (*обилие вина*) абдан көп арак-шарап.

**РАЗЛИВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **разлива́тельная ло́жка** чөмүч.

**РАЗЛИВА'ТЬ** *несов. см.* **разли́ть.**

**РАЗЛИВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разли́ться;** 2. *перен. разг.* (*петь*) сайроо, таңшуу, шаңшуу; **солове́й разлива́ется** булбул таңшыйт; 3. *перен. разг.* (*много говорить*) быжылдай берүү, сайроо; 4. *страд. к* **разлива́ть.**

**РАЗЛИ'ВКА** *ж.* куюу, куюштуруу (*мис. бочкадан бөтөлкөлөргө*).

**РАЗЛИВНО'Й,** -а́я, -о́е 1. *см.* **разлива́тельный;** 2. куйма, куюп сатма, куюп берме.

**РАЗЛИ'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое бөлүп-бөлүп куюучу; **разли́вочная маши́на** бөлүп-бөлүп куюучу машина.

www.bizdin.kg

**РАЗЛИНОВА'ТЬ** *сов. что* сызуу, сызык салуу; **разлиновать лист бумаги** барак кагазды сызуу.

**РАЗЛИНО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **разлиновать.**

**РАЗЛИ'ТИЕ** *ср.* ташкын, кирүү; **весеннее разлитие рек** өзөндөрдүн жазгы ташкыны; **разлитие жёлчи** *мед.* өттүн таралып кетиши (*денеге*).

**РАЗЛИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*налить*) куюу, куюштуруу (*мис. бочкадан бөтөлкөлөргө*); 2. (*пролить*) төгүү, төгүп алуу, төгүп салуу; 3. *перен.* (*распространить*) аңкытуу; **вечером цветы разлили своё благоухание** гүлдөр кеч курун жыттарын аңкытты; ◇ **их водой не разольёшь** *разг.* аларды, арасына от жагып, ажырата албайсың (*алар абдан ынак, алар абдан тату*).

**РАЗЛИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*пролиться*) төгүлүү, төгүлүп калуу; 2. (*выйти из берегов*) жайпоо, ташуу (*суу*); 3. *перен.* (*распространиться*) аңкуу, таралуу; **по лицу разлилась улыбка** өңү жадырап, жылмая түштү; ◇ **жёлчь разлилась** 1) *мед.* өт жайылып кетти (*денеге*); 2) *перен.* кыжыры кайнады.

**РАЗЛИЧА'ТЬ** *несов. см.* **различить.**

**РАЗЛИЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*иметь различие*) ажыралуу, айрылуу, өзгөчө болуу; 2. *страд. к* **различать.**

**РАЗЛИЧЕ'НИЕ** *ср.* ажыратуу, айырмалоо.

**РАЗЛИ'ЧИЕ** *ср.* 1. (*разница, несходство*) айырмалык, айырма, ар башкалык, ар түрдүүлүк; **существенное различие** маанилүү айырма; **различие во взглядах** көз караштагы айырма; 2. (*отличительный признак*) айырма, бөтөнчөлүк, өзгөчөлүк; 3. (*различение*) айырмалануу, айырма; **делать различие** айырма кылуу; ◇ **знаки различия** *воен.* айырмалануу белгилери, даража белгилери (*формалуу кийимде — наамын, кызматын билдирүүчү белгилер*).

**РАЗЛИЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое айыруучу, айырмалоочу; **различительные признаки** айырмалоочу белгилер.

**РАЗЛИЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. ажыратуу, таануу, билүү, **в темноте я различил фигуру человека** караңгыда мен кишинин сөлөкөтүн тааныдым; 2. (*установить различие*) айруу, ажыратуу.

**РАЗЛИ'ЧНО** *нареч.* бөлөк болуп, өзүнчө болуп, башка-башка болуп.

**РАЗЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*неодинаковый*) башкача, башка-башка, ар башка, ар түрдүү, бирдей эмес; **у нас различные мнения** биздин пикирибиз ар башка; 2. (*всевозможный, разнообразный*) түрдүү; **различные отрасли промышленности** өнөр жайдын түрдүү тармактары.

**РАЗЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*на составные части*) ажыратуу, бөлүү, айруу (*составдык бөлүктөрүнө айруу*); 2. *перен.* (*расстройство, упадок, дезорганизация*) бузуу, бузулуу, ыркы кетүү; 3. (*гниение*) сасуу, чирүү.

**РАЗЛОЖИ'ВШИЙСЯ,** -аяся, -ееся 1. *прич. от* **разложиться;** 2. *прил.* (*прогнивший*) чириген, бузулган; 3. *прил.* (*развращённый*) бузулган; **морально разложившийся человек** моралдык жагынан бузулган киши.

**РАЗЛОЖИ'МОСТЬ** *ж.* ажыратылгычтык (*составдык бөлүктөргө бөлүнгүчтүк*); **разложимость атома** атомдун ажыратылгычтыгы.

**РАЗЛОЖИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*выложить, положить*) жайып коюу, жазып коюу; **разложить вещи** буюмдарды жайып коюу; **разложить книги на столе** китептерди столго жайып коюу; 2. *что* (*распределить между кем-чем-л.*) тактап бөлүү, бөлүү, бардыгына бөлүү; **разложить расход между всеми участниками** чыгымды бардык катышуучуларга бөлүү; 3. *что* (*на составные части*) ажыратуу, бөлүү, айруу; **разложить число на множители** санды көбөйтүүчүлөрүнө ажыратуу; **разложить воду на кислород и водород** сууну кислородго жана водородго ажыратуу; 4. *кого, перен.* (*развратить*) бузуу, жаман жолго салуу; ◇ **разложить огонь** от жагуу, от калоо.

**РАЗЛОЖИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*на составные части*) ажыроо, бөлүнүү; **вода разложилась на кислород и водород** суу кислородго жана водородго ажырады; 2. (*сгнить*) чирүү, бузулуу, сасуу; 3. *перен.* (*прийти в упадок, дезорганизоваться*) бузулуу, ыркы кетүү; 4. (*распаковаться*) ачылуу, чечилүү, жайып таштaлуу; **он разложился со своими бумагами на моём столе** ал өзүнүн кагаздарын жайып, менин үстөлүмө отуруп алды.

**РАЗЛО'М** *м.* 1. (*действие*) жарылуу, сынуу, сындыруу; **разлом льда** муздун жарылышы; 2. (*место*) сынык, сыныктын орду.

**РАЗЛОМА'ТЬ** *сов. что* 1. (*переломить*) сындыруу; 2. (*разрушить*) бузуу, уратуу, кыйратуу; **разломать здание** имаратты бузуу, имаратты уратуу.

**РАЗЛОМА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*сломаться*) сынуу, жарылуу; 2. (*разрушиться*) кыйроо, талкалануу.

**РАЗЛОМИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* сындыруу, быркыратуу; 2. *кого-что, чаще безл. разг.* сыздоо (*мис. ооруп*).

**РАЗЛОМИ'ТЬСЯ** *сов.* сынуу; **сухарь легко разломился** сухарь (*кургаткан нан*) оңой сынды.

**РАЗЛУ'КА** *ж.* 1. (*расставание*) ажырашуу, айрылуу, бөлүнүү; **наступил день разлуки** ажырашар күн жетти; 2. (*жизнь вдали от близких*) жакындарынан ыраак жерде жашоо; **жить в разлуке** *с кем-л.* бирөөдөн ыраак жашоо.

**РАЗЛУЧА'ТЬ** *несов. см.* **разлучить.**

**РАЗЛУЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разлучиться;** 2. *страд. к* **разлучать.**

**РАЗЛУЧИ'ТЬ** *сов. кого с кем* ажыратуу, айруу, бөлүү; **разлучить друзей** досторду бир-биринен ажыратуу.

**РАЗЛУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* ажыроо, айрылуу, бөлүнүү; **разлучиться надолго** узак убакытка ажыроо.

**РАЗЛУ'ЧНИК** *м. фольк.* ажырашууга себепкер болгон киши (*бирин-бири сүйгөн эки кишини, кыянаттык кылып бөлүп, бир-биринен ажыраткан киши*).

**РАЗЛУ'ЧНИЦА** *женск. р. к* **разлучник.**

**РАЗЛЮБИ'ТЬ** *сов. кого-что* сүйбөй калуу, жакшы көрбөй калуу.

**РАЗМАГНИ'ТИТЬ** *сов. что, тех.* магнитсиздендирүү, магнитин жоготуу, магнитин кетирүү; **размагнитить сталь** болоттун магнитин кетирүү.

**РАЗМАГНИ'ТИТЬСЯ** *сов. тех.* магнитсизденүү, магниттик касиети жоголуу.

**РАЗМАГНИ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **размагнитить.**

**РАЗМАГНИ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размагнититься;** 2. *страд. к* **размагничивать.**

**РАЗМА'ЗАТЬ** *сов. что* 1. (*замазать*) жайылта сүйкөө; булгап сүйкөө, булгап шыбоо; **размазать клей** желимди жайылта сүйкөө; 2. *разг.* (*плохо раскрасить*) жаман, ботала кылып шыбоо (*мис. үйдү*); 3. *перен. разг.* (*растянуто рассказать*) узартып сүйлөө, керип-чоюп сүйлөө.

**РАЗМА'ЗАТЬСЯ** *сов.* жайыла сүйкөлүү, балжырата сүйкөлүп калуу, шыбалуу (*мис. варенье үстөлдүн бетине*).

**РАЗМАЗНЯ'** *разг.* 1. *ж.* (*жидкая каша*) бытмый (*суюк ботко*); 2. *м. и ж.* (*о человеке*) жүүнү бош, былжыраган киши.

**РАЗМА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **размазать.**

**РАЗМА'ЗЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размазаться;** 2. *страд. к* **размазывать.**

**РАЗМАЛЕВА'ТЬ** *сов. что, разг.* ботала кылып боёо, жаман сырдоо.

**РАЗМАЛЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **размалевать.**

**РАЗМА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **размолоть.**

**РАЗМА'ЛЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размолоться;** 2. *страд. к* **размалывать.**

**РАЗМА'РИВАТЬ** *несов. см.* **разморить.**

**РАЗМА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **размотать.**

**РАЗМА'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размотаться;** 2. *страд. к* **разматывать.**

**РАЗМА'Х** *м.* 1. (*действие*) керилип туруп тартып жиберүү, керилип туруп уруу, чабуу; **ударить с размаха** керилип туруп тартып жиберүү; 2. *тех.* (*величина колеба-*

www.bizdin.kg

*ния*) толкундалуу, теңселүүнүн арышы (аралыгы); 3. (*расстояние между крайними точками развёрнутых рук, крыльев*) арыш, кулач, аралык; 4. *перен.* арым.

**РАЗМАХА'ТЬСЯ** *сов. разг.* шилтегилөө, шилтей (жазгай) берүү; **размахáться пáлкой** таяк менен жазгай берүү.

**РАЗМА'ХИВАТЬ** *несов. чем* күүлөө, шилтөө; **он размáхивает рукáми** ал колун шилтейт.

**РАЗМА'ХИВАТЬСЯ** *несов. см.* **размахнýться.**

**РАЗМАХНУ'ТЬСЯ** *сов.* керилүү (*бир нерсени чабуу же ыргытуу үчүн*); **размахнýться и удáрить** керилип туруп чаап калуу.

**РАЗМА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **размочи́ть.**

**РАЗМА'ШИСТО** *нареч.* тартайтып (*мис. жазуу*).

**РАЗМА'ШИСТОСТЬ** *ж. разг.* тартаңдагандык, арбаң-тарбаң эткендик; **размáшистость движéний** арбаң-тарбаң эткен кыймыл.

**РАЗМА'ШИСТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* тартагай, арбаң-тарбаң эткен; **размáшистый пóчерк** тартагай жазуу.

**РАЗМЕЖЕВА'НИЕ** *ср.* 1. чектөө, чек салуу, чектеп бөлүү, чек салып бөлүшүү (*мис. жерди*); 2. *перен.* (*разграничение*) бөлүү, такыр бөлүү, такыр бөлүнүшүү.

**РАЗМЕЖЕВА'ТЬ** *сов. что* 1. (*разделить межами*) чектөө, чек салуу, чектеп бөлүү (*мис. жерди*); 2. *перен.* (*разграничить*) бөлүү, такыр бөлүү; **размежевáть сфéры дéятельности** иштин чегин бөлүп алуу.

**РАЗМЕЖЕВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*разделиться межами*) чек салып бөлүшүү (*мис. жерди*); 2. *перен.* (*о функциях*) чек коюу (*мис. милдетке*); 3. *перен.* (*идеологически*) такыр бөлүнүшүү (*идеялык жактан бөлүнүү*).

**РАЗМЕЖЁВКА** *ж. см.* **размежевáние.**

**РАЗМЕЖЁВЫВАТЬ** *несов. см.* **размежевáть.**

**РАЗМЕЖЁВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размежевáться;** 2. *страд. к* **размежёвывать.**

**РАЗМЕЛЬЧА'ТЬ** *несов. см.* **размельчи́ть.**

**РАЗМЕЛЬЧЕ'НИЕ** *ср.* талкалоо, майдалоо, күкүмдөө, күкүмдөлүү, убалануу.

**РАЗМЕЛЬЧИ'ТЬ** *сов. что* талкалоо, майдалоо, күкүмдөө, убалоо (*мис. кантты*).

**РАЗМЕ'Н** *м.* 1. айырбаштоо, алмашуу, айырбашталуу, алышуу; **размéн фигýр в шáхматах** шахматтын фигураларын айырбаштоо; 2. майдалоо (*акчаны*).

**РАЗМЕ'НИВАТЬ** *несов. см.* **разменя́ть.**

**РАЗМЕ'НИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разменя́ться;** 2. *страд. к* **размéнивать;** ◇ **размéниваться по мелочáм** (**на мéлочи**) *см.* **мéлочь.**

**РАЗМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое майда, убак (*акча*).

**РАЗМЕНЯ'ТЬ** *сов. что* майдалоо (*акчаны*).

**РАЗМЕНЯ'ТЬСЯ** *сов.* берип алуу; жедирип туруп, кайта жеш (*мис. дойбуда*).

**РАЗМЕ'Р** *м.* 1. (*величина*) көлөм, өлчөм; **размéр кóмнаты** бөлмөнүн көлөмү; 2. (*бюджета и т. п.*) өлчөм; **размéр зарплáты** кызмат акынын өлчөмү; 3. (*мерка*) размер, чоңдук, чен, өлчөм; **размéр сапóг** өтүктүн размери; 4. (*относительная величина, масштаб*): **в пóлном размéре** толугу менен; **в десятикрáтном размéре** он эсе көбөйтүлгөн өлчөмдө *же* санда; 5. *чаще мн. перен.* (*степень развития*) өлчөм, түр; **в ширóких размéрах** кеңири өлчөмдө, кеңири түрдө; 6. *муз.* размер (*музыкалык чыгармада ритмдик единицалардын саны жана жайланышы*); 7. *лит.* размер (*ырда муундардын саны жана жайланышы*).

**РАЗМЕ'РЕННОСТЬ** *ж.* өлчөмдүүлүк, чендүүлүк, жай салмактуулук; **размéренность движéний** кыймылдын өлчөмдүүлүгү.

**РАЗМЕ'РЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **размéрить;** 2. *прил.* өлчөмдүү, жай салмактуу; **размéренная речь** жай салмактуу сөз.

**РАЗМЕ'РИТЬ** *сов. что* өлчөө, ченөө, өлчөп (ченеп) чыгуу; **садóвник размéрил мéсто для цветникá** бакчы гүл тиге турган жерди өлчөдү.

**РАЗМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **размéрить.**

**РАЗМЕСИ'ТЬ** *сов. что* жууруу (*мис. камырды*).

**РАЗМЕСТИ'** *сов. что* шыпырып салуу (*эки тарапка*); **размести́ дорóжку** жолду шыпырып салуу.

**РАЗМЕСТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* жайлаштыруу, орундаштыруу; **размести́ть пассажи́ров** пассажирлерди жайлаштыруу; 2. *что* (*распределить*) бөлүштүрүү, бөлүштүрүп таратуу.

**РАЗМЕСТИ'ТЬСЯ** *сов.* жайлашуу, орундашуу, орун алуу; **все размести́лись за столóм** бардыгы столдун айланасынан орун алып отурушту.

**РАЗМЕТА'ТЬ** I *сов. что* (*раскидать*) туш-тушка ыргытып чачуу.

**РАЗМЕТА'ТЬ** II *несов. см.* **размести́.**

**РАЗМЕТА'ТЬСЯ** *сов.* 1. *разг.* (*напр. в бреду*) чабалактоо, ооналактоо, алас уруу (*жөөлүгөндө*); 2. (*раскинуться*) колу-бутун жыйбай тартайып жатуу, далдайып жатуу.

**РАЗМЕ'ТИТЬ** *сов. что* белгилөө, белги салуу, белги уруу, тамга салуу.

**РАЗМЕ'ТКА** *ж.* 1. (*действие*) белгилөө, белги салуу, белги уруу, тамга салуу; 2. (*метка, знак*) тамга, урулган белги, салынган тамга.

**РАЗМЕ'ТЧИК** *м.* белги салуучу, белги уруучу, тамгалоочу, тамга салуучу.

**РАЗМЕ'ТЧИЦА** *женск. р. к* **размéтчик.**

**РАЗМЕЧА'ТЬ** *несов. см.* **размéтить.**

**РАЗМЕЧТА'ТЬСЯ** *сов. о чём, разг.* капкайдагы кыялга түшүү, кыялга батып кетүү.

**РАЗМЕША'ТЬ** *сов. что* аралаштыруу, чалуу; **размешáть сáхар в чáе** кантты чайга салып аралаштыруу.

**РАЗМЕША'ТЬСЯ** *сов.* аралашуу, эрип аралашуу.

**РАЗМЕ'ШИВАТЬ** I *несов. см.* **размеси́ть.**

**РАЗМЕ'ШИВАТЬ** II *несов. см.* **размешáть.**

**РАЗМЕ'ШИВАТЬСЯ** I *несов. страд. к* **размéшивать** I.

**РАЗМЕ'ШИВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **размешáться;** 2. *страд. к* **размéшивать** II.

**РАЗМЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **размести́ть.**

**РАЗМЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размести́ться;** 2. *страд. к* **размещáть.**

**РАЗМЕЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*распределение по местам*) орундашуу, жайлашуу; орундаштыруу, жайлаштыруу; **размещéние производи́тельных сил в СССР** СССРде өндүргүч күчтөрдүн жайлаштырылышы; 2. (*распределение между многими*) таратуу, таратып бөлүштүрүү, бөлүштүрүп таратуу.

**РАЗМИНА'ТЬ** *несов. см.* **размя́ть.**

**РАЗМИНА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размя́ться;** 2. *страд. к* **разминáть.**

**РАЗМИНИ'РОВАНИЕ** *ср. воен.* миналарды алып, зыянсыз кылуу.

**РАЗМИНУ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*не встретиться*) кыйчалыш өтүшүп кетүү, учурашпай кыйчалыш өтүп кетүү; 2. (*при встрече разойтись*) каршы өтүшүү; **дорóга ýзкая, размину́ться нельзя́** жол тар, каршы өтүшүү мүмкүн эмес.

**РАЗМНОЖА'ТЬ** *несов. см.* **размнóжить.**

**РАЗМНОЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **размнóжиться;** 2. *биол.* (*об организмах*) тукумдоо, өрчүү, төлдөө, көбөйүү; 3. *страд. к* **размножáть.**

**РАЗМНОЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*увеличение в числе*) көбөйүү; көбөйтүлүү; **размножéние рýкописи на пи́шущей машинке** кол жазманы басуучу машинкага басып көбөйтүү; 2. *биол.* тукумдоо, өрчүү, төлдөө; **половóе размножéние** жыныстык мүчө аркылуу өрчүү (төлдөө); **óрганы размножéния** тукумдоо мүчөлөрү.

**РАЗМНО'ЖИТЬ** *сов. что* 1. (*увеличить в количестве*) көбөйтүү; 2. (*развести*) тукумдатуу, өрчүтүү, төлдөтүү, көбөйтүү; **размнóжить растéния** өсүмдүктөрдү көбөйтүү.

www.bizdin.kg

**РАЗМНО'ЖИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*увеличиться в числе*) көбөйүү; **2.** (*расплодиться*) тукумдоо, өрчүү, көбөйүп кетүү.

**РАЗМОЗЖИ'ТЬ** *сов. что, разг.* былчыйта коюу, талкалай коюу, эзе чабуу.

**РАЗМО'ИНА** *ж.* суу жеген аңгек, кемер.

**РАЗМОКА'ТЬ** *несов. см.* **размо́кнуть.**

**РАЗМО'КНУТЬ** *сов.* суу болуу, ным болуу, жибүү; **сухари́ размо́кли в воде́** сухарлар сууда жибиди.

**РАЗМО'Л** *м.* **1.** (*действие*) тарттыруу, салдыруу; **нача́лся размо́л муки́** ун тарттыруу башталды; **2.** (*качество размолотого*) тартылган, салынган ундун сапаты; **мука́ ме́лкого размо́ла** майда тартылган ун.

**РАЗМО'ЛВКА** *ж.* бир аз тартыш, кичине чыр; **размо́лвка ме́жду друзья́ми** достор арасындагы кичине чыр.

**РАЗМОЛО'ТЬ** *сов. что* тарттыруу, салдыруу (*тегирменге, жаргылчакка унду же талканды*).

**РАЗМОЛО'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*в муку*) ун, талкан кылып тартылуу; **2.** (*размельчиться*) майдалануу, майда болуу; **3.** (*измолоться при размоле, от трения*) жешилүү, жышылуу (*мис. тегирмендин ташы*).

**РАЗМОРИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* алсыратуу, ымтыратуу, шалдыратуу; **жара́ его́ размори́ла** ысык аны алсыратты.

**РАЗМОРИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* алсыроо, ымтыроо, шалдыроо (*мис. ысыктан, чарчагандыктан*).

**РАЗМОТА'ТЬ** *сов. что* кайта жазуу, кайта чубоо, жандыруу (*түрмөктү, ороону*).

**РАЗМОТА'ТЬСЯ** *сов.* кайта жазылуу, кайта чубалуу, кайта чечилүү (*мис. жип, бинт*).

**РАЗМО'ТКА** *ж.* (*действие*) кайта жазуу, кайта чубоо, жандыруу (*оролгон нерсени: түйдөктү, чарык жипти ж. б.*); **размо́тка пря́жи** түрүлгөн жипти кайта жазуу.

**РАЗМОЧИ'ТЬ** *сов. что* сууга чылоо, сууга көптүрүү, жибитүү, жумшартуу.

**РАЗМЫ'В** *м.* **1.** (*действие*) суу жеп кетүү (*жээкти*); **2.** (*размытое место*) жээктин суу жеген жери.

**РАЗМЫВА'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) суу жеп кетүү; **2.** *геол.* тоо тектери суунун таасири менен бузулуу, убалануу процесси.

**РАЗМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **размы́ть.**

**РАЗМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **размы́ться;** **2.** *страд. к* **размыва́ть.**

**РАЗМЫКА'НИЕ** *ср.* ажыратуу, арасын ачуу, үзүү, арасы ачылуу.

**РАЗМЫ'КАТЬ** *сов.:* **размы́кать го́ре** *разг., фольк.* кайгыны жазуу, кайгыны таратуу, кайгыны басуу.

**РАЗМЫКА'ТЬ** *несов. см.* **разомкну́ть.**

**РАЗМЫ'СЛИТЬ** *сов. разг.* ойлоо, кабыргага кеңешүү, кабыргага кеңешип көрүү.

**РАЗМЫ'ТЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **размы́ть;** **2.** *прил.* суу жууп кеткен, суу жеп кеткен (*мис. өзөндүн жээги*).

**РАЗМЫ'ТЬ** *сов. что* суу жеп кетүү (*суунун агыны жээкти*).

**РАЗМЫ'ТЬСЯ** *сов.* суу жууп кетүү, суу жеп кетүү (*мис. суунун жээгин*).

**РАЗМЫШЛЕ'НИЕ** *ср.* **1.** ойлоо, ойлонуу, ой жүгүртүү; **дать вре́мя на размышле́ние** ойлонууга убакыт берүү; **2.** *чаще мн.* (*думы, мысли*) ой; **быть погружённым в размышле́ния** ойго батуу; **э́то наво́дит на размышле́ния** бул — ой туудурат, бул — ойго түрткү болуп турат.

**РАЗМЫШЛЯ'ТЬ** *несов. о чём* ойлоо, ойлонуу, ой жүгүртүү.

**РАЗМЯГЧА'ТЬ** *несов. см.* **размягчи́ть.**

**РАЗМЯГЧА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **размягчи́ться;** **2.** *страд. к* **размягча́ть.**

**РАЗМЯГЧЕ'НИЕ** *ср.* жибүү, жумшаруу, жумшак болуу, былпылдоо; жумшартуу, былпылдатуу.

**РАЗМЯГЧИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* жибитүү, жумшартуу, былпылдатуу; **размягчи́ть ко́жу** терини жумшартуу; **2.** *кого-что, перен.* көңүлдү жумшартуу.

**РАЗМЯГЧИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** жибүү, жумшаруу, былпылдоо; **2.** *перен.* көңүлү жумшаруу.

**РАЗМЯКА'ТЬ** *несов. см.* **размя́кнуть.**

**РАЗМЯ'КНУТЬ** *сов.* **1.** жумшоо, жумшаруу, былпылдоо; **2.** *перен. разг.* (*о человеке*) көшүү, жаны жай алуу, жумшаруу.

**РАЗМЯ'ТЬ** *сов* **1.** *что* (*сделать мягким*) ушалап жумшартуу; **2.** *что* (*размесить*) ийлөө, жууруу; **3.** *кого-что, перен. разг.* жазуу; **пойду́ погуля́ю, разомну́ но́ги** барып ары-бери басып, бутумду жазып келейин.

**РАЗМЯ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать мягким*) жумшаруу, жибүү, былпылдоо; **ко́жа размя́лась** тери жумшарды; **2.** (*размеситься*) ийленүү, жуурулуу; **3.** *перен. разг.* жазылуу (*талыган мүчө*).

**РАЗНАРЯ'ДКА** *ж.* разнарядка (*бир жакка жөнөтүлүүчү же бирөөгө берилүүчү товардын саны көрсөтүлгөн документ*).

**РАЗНА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **разноси́ть** II.

**РАЗНА'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разноси́ться** II; **2.** *страд. к* **разна́шивать.**

**РАЗНЕ'ЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **разне́житься.**

**РАЗНЕ'ЖИТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*расчувствоваться*) эрке болуу, эркелик кылуу; **2.** (*предаться неге*) ыракаттануу, ыңгыроо, ыңырсуу; **разне́житься в посте́ли** төшөктө ыракаттанып жатуу.

**РАЗНЕ'ЖНИЧАТЬСЯ** *сов. разг.* ыгы жок эркеленүү, ыгы жок назданышуу.

**РАЗНЕМО'ЧЬСЯ** *сов. прост.* алы кетип калуу, дыңкеси куруп калуу.

**РАЗНЕ'РВНИЧАТЬСЯ** *сов. разг.* кыжыры кайноо, туталануу.

**РАЗНЕСЕ'НИЕ** *ср.* жайлаштырып жазуу; **разнесе́ние счето́в по кни́гам** *бухг.* счётторду китептерге жайлаштырып жазуу.

**РАЗНЕСТИ'** *сов. что* **1.** (*доставить*) ташып таратуу, таркатуу, көтөрүп жүрүп таратуу; **разнести́ пи́сьма по дома́м** каттарды үйлөргө таркатып берүү; **2.** *что* (*записать*) ар кайсы жерге таратып жазуу, таратып коюу; **3.** *что, перен.* (*распространить*) таратуу, жайылтуу, жаюу; **разнести́ слух** аңырт таратуу; **4.** *что, перен. разг.* (*разбить, разрушить*) таш-талканын чыгаруу, кыйратуу; **5.** *безл. кого-что, разг.* (*раздуть*) көөп кетүү, шишип кетүү, барсайып кетүү; **6.** *кого-что, разг.* (*разбранить*) аябай тилдөө, жерден алып көргө салып тилдөө; **разнести́ в пух и прах** аябай тилдөө; **7.** *что, разг.* (*разогнать, рассеять*) кууп (айдап) таркатуу, туш-тушка кубалоо; **ве́тер разнёс ту́чи** шамал кара булутту айдап таркатты.

**РАЗНЕСТИ'СЬ** *сов.* **1.** (*раздаться*) алыска угулуу; **разнёсся звон** коңгуроо үнү алыска угулду; **2.** (*быстро распространиться*) таралуу, жайылуу, жайылып кетүү, таралып кетүү (*кабар, сөз*).

**РАЗНИМА'ТЬ** *несов. см.* **разня́ть.**

**РА'ЗНИТЬСЯ** *несов.* ажыралуу, айрылуу, өзгөчөлүккө ээ болуу, айырмасы болуу.

**РА'ЗНИЦА** *ж.* ашык-кем, өөдө-ылдый, айырма, башкалык; **э́то больша́я ра́зница** *разг.* мунун айырмасы чоң, бул такыр эле башкача; **кака́я ра́зница?** *разг.* эмне айырмасы бар?, баары эле бир эмеспи!

**РА'ЗНО** *нареч.* ар түрдүү, түрдүчө, ар кандай; **об э́том мо́жно ду́мать ра́зно** бул тууралу түрдүүчө ойлонууга мүмкүн.

**РАЗНО-** *татаал сөздөрдүн «түрдүү, ар түрдүү, ар башка» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.:* **разносторо́нний** түрдүү жактуу; **разнохара́ктерный** түрдүү мүнөздүү.

**РАЗНОБО'Й** *м. разг.* чаржайыттык, баш аламандык, бир түрдүү эместик, келишпөөчүлүк, түрдүүчөлүк; **разнобо́й в правописа́нии** жазуу эрежелериндеги чаржайыттык; **разнобо́й в мне́ниях** пикирдеги келишпөөчүлүк.

www.bizdin.kg

**РАЗНОВЕ'С** *м. собир. ком.* майда кадак таштар.

**РАЗНОВИ'ДНОСТЬ** *ж.* ар түрдүүлүк, түр, бир түр; көрүнүш, бир көрүнүш; **разновидность пшеницы** буудайдын бир түрү.

**РАЗНОВИ'ДНЫЙ**, -ая, -ое ар түрдүү.

**РАЗНОВРЕМЕ'ННОСТЬ** *ж.* ар түрдүү убактагылык, ар башка мезгилдегилик.

**РАЗНОВРЕМЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое ар түрдүү убакта болгон, ар башка мезгилде болгон, бир убакта эмес; **разновремённые события** ар кайсы убакта (бир убакта эмес) болгон окуялар.

**РАЗНОГЛА'СИЕ** *ср.* **1.** (*отсутствие согласия*) алалык, ырксыздык, ынтымак жоктук, келише албастык; **разногласия во взглядах** көз караштар жагынан келише албастык; **2.** (*противоречие*) кайчылаштык, каршы келүүчүлүк, бирдей эместик.

**РАЗНОГОЛО'СИЦА** *ж.* **1.** (*нестройное пение*) түрдүүчө үн чыгаруучулук, текши эместик, ар башка чыгуучулук (*мис. ырдаганда*); **2.** *перен. см.* **разногласие** 1.

**РАЗНОГОЛО'СЫЙ**, -ая, -ое **1.** *разг.* (*о звуках — нестройный*) текши эмес, түрдүүчө чыккан үн; **разноголосое пение** ар түрдүү үн чыккан обон, ыр; **2.** (*с разными голосами*) ар башка үндүү, үнү ар түрдүү; **разноголосые птицы** ар башка үн менен сайраган куштар.

**РА'ЗНОЕ** *ср. см.* **разный** 3.

**РАЗНОЗНА'ЧАЩИЙ**, -ая, -ее *см.* **разнозначный.**

**РАЗНОЗНА'ЧНЫЙ**, -ая, -ое ар түрдүү маанидеги.

**РАЗНОИМЁННЫЙ**, -ая, -ое түрдүү аттуу, аттары ар башка, түрдүүчө аталган, ар башка аталган.

**РАЗНОКАЛИ'БЕРНЫЙ**, -ая, -ое **1.** *тех., воен.* түрдүү калибрдеги; **разнокалиберное оружие** түрдүү калибрдеги курал; **2.** *перен. разг.* (*разнородный*) окшош эмес, ар түрдүү.

**РАЗНОМА'СТНЫЙ**, -ая, -ое **1.** түрдүү ырандагы, түрдүү түстөгү; **разномастные лошади** түрдүү түстөгү аттар; **2.** *перен.* (*разнообразный*) бирдей эмес, ар түрдүү, ар башка.

**РАЗНОМЫ'СЛИЕ** *ср.* ар башка пикирде болуучулук.

**РАЗНОМЫ'СЛЯЩИЙ**, -ая, -ее ар башка ойлоочу; **разномыслящие люди** ар башка ойлоочу адамдар.

**РАЗНООБРА'ЗИЕ** *ср.* бирдей эместик, ар башкалык, түрдүүлүк, ар түрдүүлүк; **для разнообразия** ар башка болсун үчүн, бир аз башкачараак болсун үчүн.

**РАЗНООБРА'ЗИТЬ** *несов. что* түрдүүчө кылуу, ар башка кылуу.

**РАЗНООБРА'ЗНО** *нареч.* түрдүүчө кылып, ар башка кылып.

**РАЗНООБРА'ЗНОСТЬ** *ж.* ар түрдүүлүк, ар башкалык, бир түрдүү эместик.

**РАЗНООБРА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое бирдей эмес, ар түрдүү, ар башка.

**РАЗНОПЛЕМЁННОСТЬ** *ж.* ар уруктан кошулгандык, түрдүү уруудан бириккендик.

**РАЗНОПЛЕМЁННЫЙ**, -ая, -ое ар уруктан, ар уруудан кошулган, түрдүү уруктан бириккен; **разноплемённое население** ар түрдүү уруктан бириккен эл.

**РАЗНОПО'ЛЫЙ**, -ая, -ое *биол.* жыныс мүчөсү эки башка болгон (*мис. өсүмдүк*).

**РАЗНОРЕЧИ'ВОСТЬ** *ж.* бир оздуу эместик, ар түрдүүлүк, ар башкалык; **разноречивость сообщений** кабардын ар түрдүүлүгү.

**РАЗНОРЕЧИ'ВЫЙ**, -ая, -ое бир оздуу эмес, ар түрдүү, ар башка; **разноречивые слухи** ар башка каңшаар.

**РАЗНОРО'ДНОСТЬ** *ж.* ар түрдүүлүк, ар кылдык, бирдей эместик.

**РАЗНОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое ар түрдүү, ар кыл, бирдей эмес; **разнородные вещества** ар түрдүү заттар.

**РАЗНО'С** *м.* **1.** (*действие*) таратуу, таркатуу, ташып таратуу, көтөрүп жүрүп таратуу; **2.** *бухг.* (*запись*) ар кайсы жерге таратып жазуу, жазып коюу; **3.** *разг.* (*выговор*) катуу сөгүш, катуу жеме.

**РАЗНОСИ'ТЬ** I *несов. см.* **разнести.**

**РАЗНОСИ'ТЬ** II *сов. что* (*обувь*) кийип жүрүп кеңитүү, кийип бутка калып алдыруу.

**РАЗНОСИ'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **разнестись; 2.** *страд. к* **разносить** I.

**РАЗНОСИ'ТЬСЯ** II *сов.* (*об обуви*) кийиле-кийиле кеңүү, калып алуу (*мис. өтүк, кийим*).

**РАЗНО'СКА** *ж. см.* **разнос** 1, 2.

**РАЗНО'СНЫЙ**, -ая, -ое **1.** таратылуучу кат, документтер тиркелүүчү (*книга*); **2.** (*о торговле*) көтөрүп жүрүп сатма (*сода*); **3.** *разг.* (*ругательный*) тилдеген, аябай жамандаган; **разносная статья** тилдеген макала.

**РАЗНОСО'Л** *м.* **1.** (*соление*) түрдүү туздалган, ачытылган жер жемиштерден, жашылчалардан жасалган тамак; **2.** *разг.* (*изысканные кушанья*) кылдаттык менен даярдалган тамак.

**РАЗНОСТОРО'ННИЙ**, -яя, -ее **1.** *мат.* түрдүү жактуу; **разносторонний треугольник** түрдүү жактуу үч бурчтук; **2.** *перен.* ар нерсеге шыктуу, түрдүү ишке ийкемдүү; **разносторонние способности** түрдүү нерсеге ийкемдүүлүк (жөндөмдүүлүк).

**РАЗНОСТОРО'ННОСТЬ** *ж.* **1.** *мат.* түрдүү жактуулук (*мис. үч бурчтукта*); **2.** *перен.* ар нерсеге ийкемдүүлүк, ар нерсеге шыктуулук, түрдүү ишке жөндөмдүүлүк; **разносторонность ума** акылдын түрдүү ишке жөндөмдүүлүгү.

**РА'ЗНОСТЬ** *ж.* **1.** *мат.* айырма, калдык, калынды (*бир сандан экинчи бир санды алгандагы калындысы*); **2.** (*различие*) айырмалык, айырма, ар түрдүүлүк, ар башкалык; **разность характеров** мүнөздүн ар түрдүүлүгү.

**РАЗНО'СЧИК** *м.* **1.** кат, кагаз ташуучу; **2.** (*продавец*) көтөрүп соода кылуучу.

**РАЗНОТИ'ПНЫЙ**, -ая, -ое ар түрдүү типтүү, ар башка типтүү.

**РАЗНОХАРА'КТЕРНЫЙ**, -ая, -ое ар түрдүү мүнөздүү, түрдүү мүнөздүү, мүнөзү ар түрдүү.

**РАЗНОЦВЕ'ТНЫЙ**, -ая, -ое түрдүү түстөгү, түрдүү ыраңдуу; **разноцветные ткани** түрдүү түстөгү кездемелер.

**РАЗНОЧИ'НЕЦ** *м. ист.* разночинец (*дворяндарга жатпаган башка сословиеден чыккан, 19 кылымдагы Россия интеллигенти*).

**РАЗНОЧТЕ'НИЕ** *ср. лингв.* түрдүүчө окулуу (*адабий чыгармада — түрдүүчө вариантта окулган текст*).

**РАЗНОШЁРСТНЫЙ**, -ая, -ое **1.** *см.* **разномастный; 2.** *перен. разг.* (*разнообразный, смешанный*) ар түрдүү, ар кошкон; **разношёрстная публика** ар кошкон адамдар.

**РАЗНОШЁРСТЫЙ**, -ая, -ое *см.* **разношёрстный.**

**РАЗНОЯЗЫ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **1.** ар түрдүү тилде сүйлөөчү, тили ар түрдүү; **разноязычная толпа** ар түрдүү тилде сүйлөөчү эл; **2.** (*напр. словарь*) ар түрдүү тилде түзүлгөн (*мис. сөздүк*).

**РАЗНУ'ЗДАННОСТЬ** *ж.* **1.** (*распутство*) чийинден чыккандык; **2.** (*разгул*) напсиге жол берүүчүлүк, напсини агытуучулук; **3.** (*произвол*) билгенин кыла берүүчүлүк.

**РАЗНУ'ЗДАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **разнуздать; 2.** *прил. перен.* (*распутный, ничем не сдерживаемый*) чийинден чыккан, напсиге жол берген, напсини агыткан, билгенин кылган, бейбаш.

**РАЗНУЗДА'ТЬ** *сов. кого* **1.** оздугун чыгаруу (*мис. аттын*); **2.** *перен.* жол берүү, коё берүү, эркине коё берүү, агытуу (*мис. напсисин*).

**РАЗНУЗДА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** оздук чыгарылуу (*мис. аттын*); **2.** *перен.* напсиге берилүү, напси агытылуу, чийинден чыгуу, бейбаштык кылуу.

**РАЗНУ'ЗДЫВАТЬ** *несов. см.* **разнуздать.**

www.bizdin.kg

**РАЗНУ'ЗДЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разнуздáться; 2.** *страд. к* **разнýздывать.**

**РА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*неодинаковый, иной, другой*) ар түрдүү, түрдүүчө, ар башка, ар кыл; **2.** (*разнообразный*) ар түрдүү, түрдүүчө; **букéт из рáзных цветóв** ар түрдүү гүлдөн түзүлгөн букет; **3.** *в знач. сущ. ср.* ар түрдүү маселе, күн тартибиндеги ар түрдүү маселе.

**РАЗНЮ'ХАТЬ** *сов. что, разг.* **1.** (*распознать по запаху*) жыт алуу, жытын билүү; **2.** *перен.* (*разузнать тайком*) астыртан билүү.

**РАЗНЮ'ХИВАТЬ** *несов. см.* **разнюхать.**

**РАЗНЯ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого, разг.* (*напр. дерущихся*) арачалоо; **2.** *что* (*разобрать на части*) бөлүү, ажыратуу.

**РАЗОБИ'ДЕТЬ** *сов. кого, разг.* аябай таарынтуу, абдан иренжитүү, абдан ыза кылуу, көңүлүн абдан калтыруу.

**РАЗОБИ'ДЕТЬСЯ** *сов. разг.* аябай таарынуу, абдан ыза болуу, абдан иренжүү.

**РАЗОБЛАЧА'ТЬ** *несов. см.* **разоблачúть.**

**РАЗОБЛАЧА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разоблачúться; 2.** *страд. к* **разоблачáть.**

**РАЗОБЛАЧЕ'НИЕ** *ср.* бетин ачуу, айбын ачуу.

**РАЗОБЛАЧИ'ТЕЛЬ** *м.* бетин ачуучу, айбын ачуучу.

**РАЗОБЛАЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бетин ача турган, айбын ача турган.

**РАЗОБЛАЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** *разг. шутл.* (*раздеть*) чечиндирүү; **2.** *перен.* бетин ачуу, айбын ачуу.

**РАЗОБЛАЧИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** *разг. шутл.* чечинүү; **2.** *перен.* (*раскрыться, обнаружиться*) бети ачылуу, айбы ачылуу.

**РАЗОБРА'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*на части*) ажыратуу, бөлүктөргө бөлүү; **разобрáть часовóй механúзм** сааттын механизмин ажыратуу; **2.** *что* (*разрушить*) бузуу, бузуп майдалоо, уратып майдалоо; **разобрáть стéну** дубалды бузуу; **3.** *что* (*взять всё по одному, по частям*) баардыгын бир-бирден алып бүтүрүү; **4.** *что* (*раскупить*) талап сатып алып кетүү; **все лýчшие кнúги ужé разобрáли** жакшы китептин баарын талап алып кетти; **5.** *что, полигр.* чачып таратуу, таратуу; **разобрáть набóр** терилген тамгаларды чачып таратуу; **6.** *что* (*привести в порядок*) тартипке келтирүү, жайгаштыруу (*мис. китепти, чогуу турган буюмду*); **7.** *что* (*выяснить*) текшерүү, таптиштөө; **мы детáльно разобрáли э́тот вопрóс** биз бул маселени абдан текшердик; **8.** *что* (*проанализировать*) талдоо, талдап текшерүү, сынга алуу; **разобрáть предложéние** сүйлөмдү талдоо; **9.** *что* (*понять*) ажырата алуу (билүү, түшүнүү); **я не разобрáл егó пóчерка** мен анын жазуусун окуй албадым; **тут ничегó не разберёшь** мындан эч нерсени түшүнүп болбойт; **10.** *кого, разг.* (*опьянить*) мас кылуу; **винó егó бы́стро разобрáло** вино аны бат эле мас кылып койду; **11.** *кого, разг.* (*охватить*) көңүлгө түшүү; **егó разобрáло сомнéние** көңүлүнө күмөн түштү.

**РАЗОБРА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*разобрать вещи, бумаги*) караштырып тартипке келтирүү (*мис. буюмду, китептерди*); **2.** *в ком-чём, разг.* (*понять*) түшүнүү; **я разобрáлся в э́том вопрóсе** мен бул маселеге түшүндүм.

**РАЗОБЩА'ТЬ** *несов. см.* **разобщúть.**

**РАЗОБЩА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разобщúться.**

**РАЗОБЩЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) катташтырбоо, ажыратуу, бөлүү, обочолотуу; **2.** *см.* **разобщённость.**

**РАЗОБЩЁННОСТЬ** *ж.* катташпай калгандык, байланышпай калгандык, байланыштын жоктугу.

**РАЗОБЩИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*лишить связи, общения*) катташтырбоо, ажыратуу, бөлүү, обочолотуу; **2.** *что, тех.* (*разъединить*) ажыратуу, бөлүү.

**РАЗОБЩИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*потерять общение*) ажыроо, ажыратылуу, бөлүнүү, обочолонуу; **2.** *тех.* (*разъединиться*) ажыроо, бөлүнүү.

**РА'ЗОВЫЙ,** -ая, -ое бир саамга (бир эле мертебе, бир эле жолу) жароочу; **рáзовый билéт** бир эле жолу жароочу билет.

**РАЗОГНА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*прогнать*) туш-тушка кууп жиберүү; **2.** *что, перен.* (*о тяжёлом чувстве*) жазуу, кууп таратуу, айдап жиберүү; **разогнáть ску́ку** капалыкты жазуу, капалыкты кубалоо; **3.** *что* (*придать скорость*) аябай катуу айдоо, катуу жүргүзүү; **4.** *что, полигр.* ара-арасын ачып кеңитүү; **разогнáть набóр на две полосы́** наборду ара-арасын ачып, эки полосага жайлаштыруу.

**РАЗОГНА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жүрүшүн күчөтүү, улам барган сайын катуулап күчөө.

**РАЗОГНУ'ТЬ** *сов. кого-что* ийилген, бүктөлгөн нерсени түзөтүү, жазуу, кайкайтуу; **разогнýть спúну** 1) белди жазуу; 2) *перен.* баш көтөрүп эркиндик алуу.

**РАЗОГНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** ийилгени, бүктөлгөнү жазылуу, түзөлүү; **2.** (*о человеке*) белди жазуу, белди кайкайтуу.

**РАЗОГРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **разогрéть.**

**РАЗОГРЕВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разогрéться; 2.** *страд. к* **разогревáть.**

**РАЗОГРЕ'ТЬ** *сов. что* ысытуу, жылытуу (*тамакты, моторду ж. б.*).

**РАЗОГРЕ'ТЬСЯ** *сов.* кызуу, ысуу, ысып кетүү; **мотóры разогрéлись** моторлор кызыды.

**РАЗОДЕ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разодéть; 2.** *прил. разг.* кооз кийинген, жасанган.

**РАЗОДЕ'ТЬ** *сов. кого, разг.* кооз кийинтүү, жасантуу.

**РАЗОДЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* кооз кийинүү, жасануу.

**РАЗОДРА'ТЬ** *сов. что, разг.* жыртуу, айруу; **разодрáть плáтье** көйнөктү жыртып салуу.

**РАЗОДРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* жыртылуу, айрылуу.

**РАЗОЗЛИ'ТЬ** *сов. кого* ачуусун келтирүү, жинин келтирүү, ачуусуна тийүү, кыжырын кайнатуу.

**РАЗОЗЛИ'ТЬСЯ** *сов.* ачуусу келүү, жини келүү, кыжыры келүү.

**РАЗОЙТИ'СЬ** *сов.* **1.** (*уйти*) тароо, тарап кетүү, таркоо; **разойтúсь по домáм** үй-үйүнө тарап кетүү; **разойдúсь!** (*команда*) тарагыла!; **2.** *перен.* (*распространиться*) таралуу, таркоо; **слýхи разошлúсь по гóроду** шаарга имиш-имиш сөз таркады; **3.** *перен.* (*рассеяться*) таркоо, таркап кетүү, ыдырап кетүү; **тýчи разошлúсь** булуттар таркап кетти; **4.** *перен.* (*исчезнуть*) жоюлуу, жоголуу, кетүү; **морщúны на лбу разошлúсь** маңдайдагы бырыштар кетти; **5.** (*расстаться*) ажырашуу, ажырап кетүү (*мис. эрди-катын*); **6.** *перен.* (*не сойтись*) каттташпай калуу, келише албоо, бир пикирге келбөө; **разойтúсь во взглядах** көз караш жагынан келише албоо; **7.** (*быть истраченным, распроданным*) жумшалып кетүү, таралып кетүү, сатылып кетүү; **весь тирáж книг бы́стро разошёлся** китептин бардык тиражы бат таралып (сатылып) кетти; **8.** (*не встретиться*) кезигишпей, жолугушпай кайчы өтүп кетүү; **мы с ним случáйно разошлúсь** биз аны менен кезигишпей, окусунан кайчы өтүп кеттик; **9.** *разг.* (*опасть*) тароо, таркоо, жануу; **óпухоль разошлáсь** шишик жанды (тарады); **10.** (*раствориться*) эрүү, эрип кетүү, сиңүү; **мáсло в кáше разошлóсь** боткого салган май эрип кетти; **11.** *перен.* (*разбушеваться*) дуулдоо, алай-дүлөй түшүү, күчөө; **дождь разошёлся** жамгыр күчөдү; **12.** *перен.* (*развеселиться*) көңүл ачылуу, жарп жазылуу.

**РАЗО'К** *м. разг.* бир жолу, бир мертебе; **ещё разóк** дагы бир жолу.

**РА'ЗОМ** *нареч. разг.* **1.** (*в один приём*) бир жолу эле, шарт эле; **он рáзом покóнчил с э́тим дéлом** ал бул иштин шарт эле бүтүрө салды; **2.** (*одновременно*) чогуу бойдон, жапырт; **все рáзом закричáли** баары жапырт кыйкырышты; **3.** (*сразу, мгновенно*) дароо, көз ачып-жумганча; **рáзом покóнчить с чем-л.** көз ачып-жумганча бүтүрүү.

**РАЗО'МКНУТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разомкнýть; 2.** *прил.* арасы ажыратылган, экиге бөлүнгөн.

**РАЗОМКНУ'ТЬ** *сов. что* **1.** ажыратуу, экиге бөлүү, экиге бөлүп салуу; **2.** *воен.* араны алыстатуу (*мис. стройдо*).

www.bizdin.kg

**РАЗОМКНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** ажыралуу, экиге бөлүнүү, ажырап кетүү, экиге бөлүнүп кетүү; **2.** *воен.* ара алыстоо.

**РАЗОМЛЕ'ТЬ** *сов. разг.* магдыроо, ымтыроо; **разомле́ть от жары́** ысыктан магдырап кетүү.

**РАЗОПРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **разопре́ть.**

**РАЗОПРЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*о кушанье*) барсайып жумшаруу; **2.** *разг.* (*о человеке*) ымтырап, ымшып алы кетүү.

**РАЗОРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* айкыра баштоо, кыйкыра баштоо, бакыра баштоо.

**РАЗОРВА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** айрып алуу, жыртып алуу, айруу, тытуу; **разорва́ть** *кого-л.* **на ча́сти** *перен.* бирөөнү тытуу, туш-туштан талоо, туш-туштан асылуу; **2.** *безл.* (*изнутри*) жарылуу; **бо́мбу разорва́ло** бомба жарылды; **3.** *перен.* үзүү, үзүп чыгуу, токтотуу; **разорва́ть свя́зи** байланышты үзүү.

**РАЗОРВА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** жыртылуу, айрылуу, тытылуу; **2.** (*напр. о бомбе*) жарылуу (*мис. бомба*); ◇ **мне разорва́ться, что ли!** *разг.* менин эки жаным бар беле!, үлгүрө албасам, кантейин эми!

**РАЗОРЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие; потеря состояния*) кедейленүү, кедейлентүү, жакырдануу, жакырдантуу, алдан тайдыруу, алдан таюу (*экономика жагынан*); **2.** (*опустошение*) бузуу, кыйратуу, талкалоо, бүлдүрүү.

**РАЗОРИ'ТЕЛЬ** *м.* **1.** кедейлентүүчү, жакырдантуучу; **2.** (*опустошитель*) бузуучу, кыйратуучу, талкалоочу, бүлүндүрүүчү.

**РАЗОРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бүлүндүрүүчү, алдан тайдыргыч (*экономика жагынан*); **разори́тельная война́** бүлүндүрүүчү согуш.

**РАЗОРИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*довести до нищеты*) кедейлентүү, жакырдантуу, алдан тайдыруу (*экономика жагынан*); **2.** (*опустошить*) бузуу, кыйратуу, талкалоо, бүлдүрүү; **разори́ть пти́чье гнездо́** куштун уясын бузуу.

**РАЗОРИ'ТЬСЯ** *сов.* кедейленүү, жакырдануу, алдан таюу.

**РАЗОРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **разоружи́ть.**

**РАЗОРУЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разоружи́ться; 2.** *страд. к* **разоружа́ть.**

**РАЗОРУЖЕ'НИЕ** *ср.* куралсыздануу; куралсыздандыруу; **всео́бщее разоруже́ние** жалпы куралсыздануу; **части́чное разоруже́ние** анча-мынча куралсыздануу.

**РАЗОРУЖИ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** куралсыздандыруу; **разоружи́ть проти́вника** душманды куралсыздандыруу; **2.** *перен.* шаштысын кетирүү, кол салгыс кылуу.

**РАЗОРУЖИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** куралсыздануу; **2.** *перен.* шаштысы кетүү, кол салгыс болуу.

**РАЗОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **разори́ть.**

**РАЗОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разори́ться; 2.** *страд. к* **разоря́ть; 3.** *перен. разг.* (*ругаться, браниться*) урушуу, сөгүү, өзүн өзү токтотпой чатак кылуу.

**РАЗОСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*в разные стороны*) ар кайсы жакка жиберүү, туш-туш жакка жиберүү (*мис. катты*); **2.** туш-туш жакка жумшап жиберүү; **разосла́ть всех курье́ров** курьерлердин бардыгын туш-туш жакка жумшап жиберүү.

**РАЗОСПА'ТЬСЯ** *сов. разг.* уйкуга аябай бастырып, уктай берүү.

**РАЗОСТЛА'ТЬ** *сов. что* жаюу, салуу, төшөө; **разостла́ть ска́терть на столе́** үстөлгө дасторкон жаюу.

**РАЗОСТЛА'ТЬСЯ** *сов.* каптоо, төшөлүү; **тума́н разостла́лся по земле́** туман жер бетин каптады.

**РАЗОТКА'ТЬ** *сов. что* түр салып согуу; **разотка́ть узо́рами** түр салып согуу.

**разотру́, разотрёшь** *и т. д. буд. вр. от* **растере́ть.**

**РАЗОХО'ТИТЬ** *сов. кого, разг.* көңүлүн келтирүү, мейлин чаптыруу, көңүлдөнтүү.

**РАЗОХО'ТИТЬСЯ** *сов. разг.* кызыгуу, көңүлдөнүү, көңүлү келүү, мейли чабуу.

**РАЗОЧАРОВА'НИЕ** *ср.* көңүл калуу, көңүл кайтуу, ыранжуу, иренжүү, көңүл калтыруу; **разочарова́ние в дру́ге** досунан көңүлү калуу.

**РАЗОЧАРО'ВАННОСТЬ** *ж.* көңүл калгандык, көңүл кайткандык, ыранжыгандык, иренжигендик.

**РАЗОЧАРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разочарова́ть; 2.** *прил.* көңүл калган, көңүл кайткан, ыранжыган, иренжиген.

**РАЗОЧАРОВА'ТЬ** *сов. кого в ком-чём* көңүл калтыруу, көңүл кайт кылуу, ыранжытуу, иренжитүү.

**РАЗОЧАРОВА'ТЬСЯ** *сов. в ком-чём* көңүл калуу, көңүл кайт болуу, ыранжуу, иренжүү, көөн (-үм, -үң) калуу, көөн (-үм, -үң) кайтуу.

**РАЗОЧАРО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **разочарова́ть.**

**РАЗОЧАРО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разочарова́ться; 2.** *страд. к* **разочаро́вывать.**

**РАЗРАБА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **разрабо́тать.**

**РАЗРАБО'ТАННОСТЬ** *ж.* **1.** иштетилгендик, жарактуу кылынгандык; **разрабо́танность по́чвы для посе́ва** жердин эгин үчүн жарактуу болуп иштетилгендиги; **2.** *горн.* иштетилип бүткөндүк, алынып бүткөндүк; **разрабо́танность шахт** шахтанын кенинин алынып бүткөндүгү.

**РАЗРАБО'ТАТЬ** *сов. что* **1.** (*обработать*) иштетүү, оңдоо, иштөө; **разрабо́тать го́лос** үндү оңдоо (жасоо, иштетүү); **2.** (*всесторонне исследовать, подготовить*) иштеп чыгуу; **инжене́р разрабо́тал прое́кт** инженер проектини иштеп чыкты; **3.** *горн.* алып бүтүү (*мис. кенди*).

**РАЗРАБО'ТКА** *ж.* **1.** (*обработка*) иштетүү, иштөө; **разрабо́тка по́чвы** жерди иштетүү; **2.** (*плана, вопроса*) оңдоо, оңоо, иштетүү, иштеп чыгуу; **разрабо́тка прое́кта** проектини иштеп чыгуу; **3.** *горн.* разработка, алып бүтүү, (*мис. кенди, чым көңдү*); **4.** (*место добычи чего-л.*) разработка (*кен казылып жаткан жер*).

**РАЗРА'ВНИВАТЬ** *несов. см.* **разровня́ть.**

**РАЗРАЖА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разрази́ться.**

**РАЗРАЗИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** кокустан чыга түшүү, кокустан чыга калуу, ...дей түшүү; **разрази́лась война́** согуш чыга түштү; **2.** *чем, перен.* коё берүү; **разрази́ться бра́нью** тилдеп коё берүү; **он разрази́лся хо́хотом** ал каткырып коё берди.

**РАЗРАСТА'НИЕ** *ср.* бакжая өсүү, өсүп жайылып кетүү, калың, жыш болуп өсүү; өрчүү; өсүп жоонойуп кетүү.

**РАЗРАСТА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разрасти́сь.**

**РАЗРАСТИ'СЬ** *сов.* бакжая өсүү, өсүп жайылып кетүү, калың болуп өсүү, жыш болуп өсүү, өрчүү, өсүп жоонойуп кетүү, жайыла өсүү.

**РАЗРЕВЕ'ТЬСЯ** *сов. разг.* чаңырып ыйлай баштоо, бакырып (өкүрүп) ыйлай баштоо, өксөп ыйлоо, боздоп ыйлоо.

**РАЗРЕДИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*сделать реже, просторнее*) суюлтуу, сейректетүү, сейрек кылуу, бириндетүү (*мис. өсүмдүктү*); **2.** (*сделать менее плотным*) сергитүү, суюлтуу; **дождь разреди́л во́здух** жаан абаны сергитип кетти.

**РАЗРЕДИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать реже*) суюлуу, сейректенүү (*мис. өсүмдүк*); **2.** (*стать разрежённым*) сергүү, суюлуу (*аба*).

**РАЗРЕЖА'ТЬ** *несов. см.* **разреди́ть.**

**РАЗРЕЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разреди́ться; 2.** *страд. к* **разрежа́ть.**

**РАЗРЕЖЕ'НИЕ** *ср.* суюлуу, сейректенүү; суюлтуу; **разреже́ние во́здуха** абанын суюлушу.

**РАЗРЕЖЁННОСТЬ** *ж.* суюлгандык; **разрежённость во́здуха на больши́х высо́тах** бийиктиктеги абанын суюлгандыгы.

**РАЗРЕЖЁННЫЙ,** -ая, -ое суюлтулган, суюк; **разрежённый во́здух** суюк аба; **разрежённый посе́в** суюлтулган эгин.

**РАЗРЕ'З** *м.* **1.** (*действие*) кесүү; **2.** (*порез*) кесик, кесилген жер; **разре́з на руке́** колдогу кесик; **3.** (*вырез*) оюк, тилик; **разре́з на пла́тье** көйнөктөгү тилик; **4.** (*сечение*) кесик, тилик; **попере́чный разре́з** туура кесик; ◇ **в како́й**

www.bizdin.kg

разре́зе ста́вится вопро́с? маселе кайсы жөнүндө?, кайсы түрдө коюлат?; **идти́ в разре́з** *с чем-л.* *бир нерсеге* карама-каршы иштөө; **разре́з глаз** көздүн кыйыгы.

**РАЗРЕ'ЗАТЬ** *сов. что* кесүү, тууроо, кыюу, кыркуу, сөгүү; **разре́зать на ча́сти** бөлүктөргө кесип бөлүү; **разре́зать хлеб** нанды кесүү, нанды тууроо.

**РАЗРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **разре́зать.**

**РАЗРЕЗНО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*для разрезания*) кесүүчү, кыюучу; **разрезно́й нож** кагаз кесүүчү бычак; **2.** (*с разрезом*) тиликтүү.

**РАЗРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **разре́зать.**

**РАЗРЕКЛАМИ'РОВАТЬ** *сов. кого-что* ашыра мактоо, ыгы жок мактоо, апыртып жиберүү.

**РАЗРЕША'ТЬ** *несов. см.* **разреши́ть.**

**РАЗРЕША'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разреши́ться; 2.** *безл.* (*позволяться*) уруксат кылынуу; **кури́ть не разреша́ется** чылым чегүүгө уруксат кылынбайт; **3.** *страд. к* **разреша́ть.**

**РАЗРЕШЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*позволение*) уруксат; **с ва́шего разреше́ния** сиздин уруксатыңыз менен; **получи́ть разреше́ние** уруксат алуу; **дать разреше́ние** уруксат кылуу (берүү); **пи́сьменное разреше́ние** кагаз жүзүндө берилген уруксат; **2.** (*решение*) чечүү, чечилүү, чыгаруу; **разреше́ние тру́дной зада́чи** оор маселени чечүү; **3.** (*устранение*) жок кылуу, кутулуу, чечүү; **разреше́ние конфли́кта** чатакты чечүү; ◇ **разреше́ние от бре́мени** бошонуу (төрөө, бала тууш).

**РАЗРЕШИ'МЫЙ,** -ая, -ое чечиле турган, чечилүүгө боло турган.

**РАЗРЕШИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое уруксат кылуучу; **разреши́тельные докуме́нты** уруксат кылуучу документтер.

**РАЗРЕШИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*дать разрешение*) уруксат кылуу, уруксат берүү; **ему́ разрешено́** ага уруксат берилген; **разреши́те?** уруксат этиңиз?, мүмкүнбү?; **разреши́те войти́?** кирүүгө уруксатпы?, кирүүгө уруксат этиңиз?; **2.** (*найти правильный ответ*) чечүү, чыгаруу; **он разреши́л тру́дную зада́чу** ал оор маселени чечти; **3.** (*устранить, рассеять*) жок кылуу, кутулуу; **разреши́ть сомне́ния** шектен кутулуу, шекти жок кылуу.

**РАЗРЕШИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать решённым*) чечилүү, бүтүү; **зага́дка разреши́лась** табышмак чечилди; **2.** (*закончиться*) чечилүү; **вопро́с разреши́лся** маселе чечилди; ◇ **разреши́ться от бре́мени** бошонуу, төрөө.

**РАЗРИСОВА'ТЬ** *сов. что* **1.** (*украсить рисунком*) сүреттөө, сүрөт тартып чиймелеп салуу; **разрисова́ть обло́жку тетра́ди** дептердин сыртын чиймелеп коздоо; **2.** *перен. разг.* (*расхвалить*) мактоо, мактап салуу.

**РАЗРИСО'ВКА** *ж.* сүреттөө, сүрөт салуу.

**РАЗРИСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **разрисова́ть.**

**РАЗРОВНЯ'ТЬ** *сов. что* текшилөө, тегиздөө; **разровня́ть пло́щадь** аянтты тегиздөө.

**РАЗРО'ЗНЕННОСТЬ** *ж.* чачкындык, бытырандылык.

**РАЗРО'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разро́знить; 2.** *прил.* чачкын, чачынды, бириндеген, бытыранды; **3.** *прил.* (*несогласованный*) бытыранды, бири болсо бири жок; **разро́зненные уси́лия** бытыранды аракет.

**РАЗРО'ЗНИТЬ** *сов. что* бириндетүү, бирин-биринен ажыратуу, бириндетип окшош нерселердин тобун бузуу, бытыранды кылуу.

**РАЗРУБА'ТЬ** *несов. см.* **разруби́ть.**

**РАЗРУБИ'ТЬ** *сов. что* бөлө, жара чабуу; керте-керте чабуу; **разруби́ть де́рево** жыгачты жара чабуу.

**РАЗРУГА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* аябай тилдөө, урушуу.

**РАЗРУГА'ТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* тилдешип араздашуу.

**РАЗРУМЯ'НИВАТЬ** *несов. см.* **разрумя́нить.**

**РАЗРУМЯ'НИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разрумя́ниться; 2.** *страд. к* **разрумя́нивать.**

**РАЗРУМЯ'НИТЬ** *сов. кого-что* (*покрыть румянцем*) кызартуу, албыртуу (*мис. бетти*).

**РАЗРУМЯ'НИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*натереть себе лицо румянами*) бетин кызартып боёо, бетине эндик сыйпоо; **2.** (*покрыться румянцем*) кызаруу, албыруу; **лицо́ разрумя́нилось на моро́зе** бети сууктан кызарды.

**РАЗРУ'ХА** *ж.* кыйроо, бүлгүн, кыйраган; **хозя́йственная разру́ха** чарба бүлгүнү, чарбалык бүлгүн.

**РАЗРУША'ТЬ** *несов. см.* **разру́шить.**

**РАЗРУША'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разру́шиться; 2.** *страд. к* **разруша́ть.**

**РАЗРУШЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) кыйроо, бузулуу, бүлүнүү; кыйратуу, бузуу, бүлдүрүү; **2.** (*результат разрушения*) кыйрагандык, бүлүнгөндүк, кыйроо, бузулгандык; **землетрясе́ние произвело́ грандио́зные разруше́ния** жер титирөө абдан чоң кыйроого алып келди.

**РАЗРУШИ'ТЕЛЬ** *м.* кыйратуучу, бузуучу, бүлүндүрүүчү.

**РАЗРУШИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* кыйраткыч, бузгуч, бүлүндүргүч; **разруши́тельно де́йствовать** *на что-л.* *бир нерсеге* кыйраткыч таасир кылуу.

**РАЗРУШИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кыйраткычтык, бузгучтук, бүлүндүргүчтүк.

**РАЗРУШИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кыйратуучу, кыйраткыч, бузуучу, бузгуч, бүлдүрүүчү, бүлдүргүч; **разруши́тельная си́ла** кыйраткыч күч.

**РАЗРУ'ШИТЬ** *сов. что* **1.** кыйратуу, бузуу, бүлдүрүү; **2.** *перен.* бузуу; **разру́шить пла́ны** планды бузуу.

**РАЗРУ'ШИТЬСЯ** *сов.* **1.** кыйроо, бузулуу, бүлүнүү; **2.** *перен.* начарлануу; **моё здоро́вье разру́шилось** ден соолугум начарлап кетти.

**РАЗРЫ'В** *м.* **1.** (*изнутри*) жарылыш, жарылуу; **разры́в снаря́да** снаряддын жарылышы; **2.** (*прекращение чего-л.*) үзүлүү, токтолуу, бөлүнүү; **разры́в диплома́тических отноше́ний** дипломаттык байланыштын үзүлүшү; **3.** (*место разрыва*) үзүлгөн, ажыралган, бөлүнгөн жер; ◇ **разры́в се́рдца** жүрөктүн жарылышы, жүрөктүн жарылып кетиши.

**РАЗРЫВА'ТЬ** I *несов. см.* **разорва́ть.**

**РАЗРЫВА'ТЬ** II *несов. см.* **разры́ть.**

**РАЗРЫВА'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **разорва́ться; 2.** *страд. к* **разрыва́ть** I; ◇ **у него́ (у тебя́, у меня́) душа́ (се́рдце) разрыва́ется** жаны (≠м, ≠ң) ачыйт, боору (≠м, ≠ң) ооруйт.

**РАЗРЫВА'ТЬСЯ** II *несов. страд. к* **разрыва́ть** II.

**РАЗРЫВНО'Й,** -а́я, -о́е *воен.* жарылма; **разрывна́я пу́ля** жарылма ок; **разрывно́й снаря́д** жарылма снаряд.

**РАЗРЫДА'ТЬСЯ** *сов.* какшап ыйлай баштоо, өкүрүп ыйлай баштоо.

**РАЗРЫ'ТЬ** *сов. что* **1.** казуу; **разры́ть холм** дөбөнү казуу; **2.** *перен. разг.* (*привести в беспорядок*) аңтарып баш аламан кылуу; **разры́ть все бума́ги** кагаздардын баарын аңтарып баш аламан кылуу.

**РАЗРЫХЛЕ'НИЕ** *ср.* бошотуу, копшутуу, жумшартуу; **разрыхле́ние по́чвы** топуракты бошотуу (копшутуу, жумшартуу).

**РАЗРЫХЛИ'ТЬ** *сов. что* бошотуу, копшутуу, жумшартуу; **разрыхли́ть зе́млю** жерди жумшартуу.

**РАЗРЫХЛИ'ТЬСЯ** *сов.* копшолуу, жумшаруу.

**РАЗРЫХЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **разрыхли́ть.**

**РАЗРЫХЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разрыхли́ться; 2.** *страд. к* **разрыхля́ть.**

**РАЗРЯ'Д** I *м.* **1.** (*оружия*) дүрмөтсүздөө, дүрмөтсүз кылуу, дүрмөтүнөн бошотуу, дүрмөтүн алуу (*мис. мылтыктын*); **2.** *физ.* разряд, разряддоо (*электр тогуң жоготуу*).

**РАЗРЯ'Д** II *м.* **1.** (*класс, группа*) түркүм, топ, түр; **разря́д расте́ний** өсүмдүктөрдүн түрү; **2.** (*сорт, степень*) разряд, даража, баскыч; **вы́сший разря́д** жогорку разряд; **3.** (*напр. в спорте*) катар.

www.bizdin.kg

**РАЗРЯДИ'ТЬ** I *сов. что* **1.** (*оружие*) дүрмөтсүздөө, дүрмөтсүз кылуу, дүрмөтүн алуу, дүрмөтүнөн бошотуу (*мис. мылтыкты*); **2.** *физ.* разряддоо, разряд кылуу (*электр тогунан ажыратуу, бошотуу*); ◇ **разрядить атмосферу** бир аз тынчытуу; чыр-чатакты жоюп, мамилени жакшыртуу.

**РАЗРЯДИ'ТЬ** II *сов. кого-что, разг.* (*нарядить*) аябай жасантып кийинтүү.

**РАЗРЯДИ'ТЬСЯ** I *сов.* **1.** (*об оружии*) дүрмөтсүздөнүү, дүрмөтү алынуу (*мис. мылтыктын*); **2.** *физ.* разряд кылынуу (*электр тогунан ажыратылуу, бошотулуу, мис. электр батарея*); ◇ **атмосфера разрядилась** бир аз тынчыды; чыр-чатак жоюлуп, мамиле жакшыланды.

**РАЗРЯДИ'ТЬСЯ** II *сов. разг.* (*нарядиться*) аябай жасанып кийинүү.

**РАЗРЯ'ДКА** *ж. полигр.* разрядка (*арiптердин арасынын ачык болуп терилиши*).

**РАЗРЯ'ДНИК** I *м. тех.* разрядник (*электр тогун ажыратып туруучу прибор*).

**РАЗРЯ'ДНИК** II *м. спорт.* разрядник (*белгилүү бир разрядка ээ болгон спортсмен*).

**РАЗРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое *физ.* разряд кылуучу; **разрядные трубки** разряд кылуучу түтүктөр.

**РАЗРЯЖА'ТЬ** I *несов. см.* **разрядить** I.

**РАЗРЯЖА'ТЬ** II *несов. см.* **разрядить** II.

**РАЗРЯЖА'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **разрядиться** I; **2.** *страд. к* **разряжать** I.

**РАЗРЯЖА'ТЬСЯ** II *несов.* **1.** *см.* **разрядиться** II; **2.** *страд. к* **разряжать** II.

**РАЗРЯ'ЖЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разрядить** II; **2.** *прил.* жасанып кийинген, кооздонгон (*мис. жаңы костюм кийип*).

**РАЗРЯЖЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разрядить** I; **2.** *прил.*: **разряжённое ружьё** дүрмөтү жок мылтык.

**РАЗУБЕДИ'ТЬ** *сов. кого-что в чём* пикиринен жандыруу, ойлогон оюнан кайтаруу (*мис. бирөөнүн оюнан, пикиринен*); **его трудно в этом разубедить** аны ойлогон оюнан кайтаруу кыйын.

**РАЗУБЕДИ'ТЬСЯ** *сов. в чём* пикирден жануу, ойлогон ойдон кайтуу.

**РАЗУБЕЖДА'ТЬ** *несов. см.* **разубедить.**

**РАЗУБЕЖДА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разубедиться; 2.** *страд. к* **разубеждать.**

**РАЗУБРА'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* жасалгалап жыйнаштыруу, кооздоп жыйнаштыруу (*мис. үйдү*).

**РАЗУВА'ТЬ** *несов. см.* **разуть.**

**РАЗУВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разуться; 2.** *страд. к* **разувать.**

**РАЗУВЕРЕ'НИЕ** *ср.* ишенимин жандыруу, ишениминен кайтаруу.

**РАЗУВЕ'РИТЬ** *сов. кого-что в чём* ишенимин жандыруу, ишениминен кайтаруу.

**РАЗУВЕ'РИТЬСЯ** *сов. в ком-чём* ишенимден жануу; **разувериться в друге** досуна ишенбей калуу.

**РАЗУВЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **разуверить.**

**РАЗУВЕРЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разувериться; 2.** *страд. к* **разуверять.**

**РАЗУДА'ЛЫЙ,** -ая, -ое *фольк.* жигердүү, шамдагай, жалаңдаган, чагылгандын огундай; **разудалый молодец** жигердүү баатыр жигит.

**РАЗУЗНАВА'ТЬ** *несов. см.* **разузнать.**

**РАЗУЗНА'ТЬ** *сов. что, о ком-чём* таптиштеп билүү, сураштырып билүү, ичмектеп билүү; **разузнать все новости** бардык жаңылыктарды сураштырып билүү (билип алуу).

**РАЗУКРА'СИТЬ** *сов. что* **1.** (*украсить*) кооздоо, жасоо, көркөмдөө; **2.** *перен.* сүрөттөө, сыпаттоо, сүрөттөп элестетүү, ыгы жок кооздоо, жасоо (*мис. аңгемени*).

**РАЗУКРА'СИТЬСЯ** *сов.* жасалуу, кооздолуу.

**РАЗУКРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **разукрасить.**

**РАЗУКРА'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разукраситься; 2.** *страд. к* **разукрашивать.**

**РАЗУКРУПНЕ'НИЕ** *ср.* кичирейтип бөлүү (*бир чоң мекемени, уюмду же чарбаны бир нечеге*).

**РАЗУКРУПНИ'ТЬ** *сов. что* кичирейтип бөлүү (*бир чоң мекемени, уюмду же чарбаны*).

**РАЗУКРУПНИ'ТЬСЯ** *сов.* кичирейтип бөлүнүү (*бир чоң мекеме, чарба бир нечеге бөлүнүп кичирейтилүү*).

**РАЗУКРУПНЯ'ТЬ** *несов. см.* **разукрупнить.**

**РАЗУКРУПНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разукрупниться; 2.** *страд. к* **разукрупнять.**

**РА'ЗУМ** *м.* акыл, эс; ◇ **у него разум помутился** ал акылынан ажырап калды, келесоо болуп калды, чалагайым болду; **у него ум за разум заходит** ал, акылынан адашып, маң болду.

**РАЗУМЕ'ЕТСЯ** *в знач. вводн. сл.* албетте, белгилүү; **само собой разумеется** өзүнөн өзү белгилүү; **разумеется, он придёт** албетте, ал келет.

**РАЗУМЕ'НИЕ** *ср.* **1.** *уст.* (*понимание*) ой, акыл, түшүнүк; **лишён всякого разумения** ар нерсени түшүнүүдөн калган; **2.** (*мнение*) ой, пикир, түшүнүк; **сделать** *что-л.* **по своему разумению** өзүнүн түшүнүгү боюнча бирдеме иштөө.

**РАЗУМЕ'ТЬ** *несов. что* **1.** *разг. уст.* (*понимать*) түшүнүү; **разуметь смысл слова** сөздүн маанисине түшүнүү; **2.** (*подразумевать*) түшүнүү, туюнуу; **что он разумеет под этими словами?** бул сөзү менен ал эмне демекчи?, бул сөз менен ал эмне айтмакчы болот?

**РАЗУМЕ'ТЬСЯ** *несов.* түшүнүлүү, аңдалуу.

**РАЗУ'МНИК** *м. разг.* акылдуу (*көбүнчө балага айтылат*).

**РАЗУ'МНО** *нареч.* акылга сыйрдык кылып, жөнү бар; туура, ылайыктуу (*правильно*).

**РАЗУ'МНОСТЬ** *ж.* жөнү бардык, тууралык, акылга ылайыктык.

**РАЗУ'МНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*обладающий разумом, толковый, рассудительный*) акылдуу, түшүнүгү бар, эстүү; **человек — существо разумное** адам — акылдуу зат; **2.** акылдуу, эстүү; **разумный ребёнок** эстүү бала; **3.** (*логический*) акылга сыярдык, акылдуу, жөнү бар; **разумный ответ** акылдуу жооп.

**РАЗУ'ТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **разуть; 2.** *прил.* бут кийими чечилген, жыңайлак.

**РАЗУ'ТЬ** *сов. кого-что* бутун чечинтүү, бутун чечүү.

**РАЗУ'ТЬСЯ** *сов.* бутту чечинүү, бут чечүү.

**РАЗУХА'БИСТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* **1.** (*молодцеватый, задорный*) ажылдаган, заңылдаган; **разухабистая песня** заңылдаган ыр; **2.** *неодобр.* (*развязный, грубый*) адырандаган, бажактаган.

**РАЗУ'ЧИВАНИЕ** *ср.* үйрөнүү, үйрөнүп алуу, жаттап үйрөнүү (*мис. ролду*).

**РАЗУ'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **разучить.**

**РАЗУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **разучиться; 2.** *страд. к* **разучивать.**

**РАЗУЧИ'ТЬ** *сов. что* үйрөнүү, үйрөнүп алуу, жаттап үйрөнүү; **актёры разучили свои роли** актёрлор өздөрүнүн ролдорун үйрөнүп жатышты; **разучить песню** ырды жаттоо.

**РАЗУЧИ'ТЬСЯ** *сов.* билгенин унутуп калуу; **разучиться играть на комузе** комуз чертүүнү унутуп калуу.

**РАЗЪЕДА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **разъесть; 2.** *кого-что, перен.* (*создавать разлад, вносить разложение*) бузуу, иритүү, иритип салуу.

**РАЗЪЕДИНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) ажыратуу, ажырашуу, бөлүнүү, бөлүү, үзүү; **разъединение проводов** проводдордун ажыралышы, проводдорду ажыратуу; **2.** (*состояние*) ажыроо, бөлүнүү.

**РАЗЪЕДИНИ'ТЬ** *сов. кого-что* ажыратуу, бөлүү, үзүү; **судьба их разъединила** тагдыр аларды бир-биринен ажыратты.

www.bizdin.kg

**РАЗЪЕДИНИ'ТЬСЯ** *сов.* ажырашуу, бөлүнүү, үзүлүү.
**РАЗЪЕДИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **разъединить.**
**РАЗЪЕДИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разъединиться;** 2. *страд. к* **разъединять.**
**РАЗЪЕ'ЗД** *м.* 1. (*отъезд*) туш-тушка таралып кетүү, тароо; 2. *чаще мн.* (*поездка*) кыдыруу, кыдырып жүрүү, жүрүп туруу; **быть в разъездах** жолдо болуу, жолоочу болуп жүрүү; **разъезды по делам** иш менен жүрүп туруу; 3. (*напр. при встрече двух машин*) учурашып жандашып өтүү, кезигип жанаша өтүү (*мис. кезигишкен эки машина*); 4. *воен.* разъезд (*разведка же коргоо үчүн жиберилип туруучу атчан аскер бөлүгү*); 5. *ж.-д.* жол айрыгы (*утуру учуроочу поезддер өтүшүү үчүн жасалган жол айрыгы*).
**РАЗЪЕЗДНО'Й,** -ая, -ое 1. жүрүп турма, дайыма жүрүп туруучу, кыдырма; **разъездной агент** кыдырма агент; **разъездные деньги** жол акчасы, жол каражаттарына берилүүчү акча; 2. *ж.-д.* жол айрыгы (*учурушкан эки поезд өтчү жол*); **разъездной путь** *см.* **разъезд** 5.
**РАЗЪЕЗЖА'ТЬ** *несов.* кыдыруу, кыдырып жүрүү, жүрүп туруу; **разъезжать по делам службы** кызмат иштери менен кыдырып жүрүү.
**РАЗЪЕЗЖА'ТЬСЯ** *несов. см.* **разъехаться.**
**РАЗЪЕ'СТЬ** *сов. что* жеп жиберүү, күйдүрүп кетүү; **ржавчина разъела железо** дат темирди жеп жиберди; **кислота разъела ткань** кислота кездемени жеп жиберди.
**РАЗЪЕ'ХАТЬСЯ** *сов.* 1. (*уехать*) туш-тушка тарап кетүү, тароо; **гости разъехались** коноктор тарап кетти; 2. (*разойтись, напр. о супругах*) ажырашып кетүү (*мис. эрди-катын*); 3. (*о едущих*) учурашып жандашып өтүү, кезигип жанаша өтүү (*мис. кезигишкен эки машина*); 4. *разг.* (*при скольжении*) тайгаланып, эки буту эки жакка кетүү; 5. *разг.* (*расползтись от ветхости*) сан-саны чыгуу, жик-жигинен бөлүнүү, тамтыгы кетүү.
**РАЗЪЯРЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **разъярить;** 2. *прил.* каарданган, долуланган, ачууланган, кабагынан кар жаады, кыжырданган.
**РАЗЪЯРИ'ТЬ** *сов. кого* каардантуу, долулантуу, ачуулантуу, кыжырын кайнатуу; **разъярить зверя** жырткыч айбанды ачуулантуу, жырткыч айбандын ачуусун келтирүү.
**РАЗЪЯРИ'ТЬСЯ** *сов.* каардануу, долулануу, ачуулануу, кыжыры кайноо.
**РАЗЪЯРЯ'ТЬ** *несов. см.* **разъярить.**
**РАЗЪЯРЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **разъяриться.**
**РАЗЪЯСНЕ'НИЕ** *ср.* түшүндүрүү; **официальное разъяснение** официалдуу түшүндүрүү.
**РАЗЪЯСНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **разъяснение**-*ге т.*; түшүндүрүүчү; **разъяснительная работа** түшүндүрүү жумушу.
**РАЗЪЯСНИ'ТЬ** *сов. что* түшүндүрүү; **разъяснить правило** эрежени түшүндүрүү.
**РАЗЪЯСНИ'ТЬСЯ** *сов.* ачык болуу, ачылуу, айкындалуу, даана болуу; **дело разъяснилось** иш даана болду.
**РАЗЪЯСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **разъяснить.**
**РАЗЪЯСНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разъясниться;** 2. *страд. к* **разъяснять.**
**РАЗЫГРА'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*пьесу, роль*) ойноо, аткаруу (*мис. ролду, күүнү*); 2. *кого-что, перен. разг.* (*изобразить*) көрсөтүү; **разыграть дурачка** акмак болуп калуу, акмактын ишин кылуу; 3. *кого, разг.* (*подшутить над кем-л.*) тамаша кылып алдоо, тамашалоо; 4. *что, шахм.* кылдаттык менен ойноп бүтүү; 5. *что* (*какую-л. вещь*) мелдешүү, ойноо; **разыграть по жребию** жребий кармоо; **разыграть в лотерею** лотерея ойноо.
**РАЗЫГРА'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. (*увлечься игрой*) оюндун артынан түшүү, оюндун кызыгына түшүү; **дети разыгрались** балдар оюндун кызыгына түштү; 2. (*начать играть лучше*) көнүгүп жакшы аткара баштоо (*мис. артист*); 3. (*достичь сильной степени*) күчөө, алкынуу; **разыгралась сильная буря** бороон күчөгөндөн-күчөп катуу болду; ◇ **у меня разыгрались нервы** менин кыжырым кайнады.
**РАЗЫ'ГРЫВАТЬ** *несов. см.* **разыграть.**
**РАЗЫ'ГРЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разыграться;** 2. *страд. к* **разыгрывать.**
**РАЗЫСКА'НИЕ** *ср.* 1. (*поиски*) издөө, издеп табуу; **принять меры к разысканию преступника** күнөөкөрдү издеп табууга чара көрүү; 2. **разыскания** *мн.* (*исследования*) изилдөөлөр.
**РАЗЫСКА'ТЬ** *сов. кого-что* издөө, издеп табуу; **разыскать пропавших без вести** кабарсыз жоголгон адамдарды издеп табуу.
**РАЗЫСКА'ТЬСЯ** *сов.* табылуу, изделип табылуу; **пропажа разыскалась** жоголгон табылды, жоголгон нерсе табылды.
**РАЗЫ'СКИВАТЬ** *несов. кого-что* издөө, аңтаруу.
**РАЗЫ'СКИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **разыскаться;** 2. *страд. к* **разыскивать.**
**РАЙ** *м.* 1. *рел.* бейиш; 2. *перен.* жыргалчылык, жыргал; **рай земной** бу дүйнөнүн жыргалчылыгы.
**РАЙ=** *татаал сөздөрдүн «райондук» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **райсовет** райсовет (райондук совет).
**РАЙИСПОЛКО'М** *м.* (районный исполнительный комитет) райисполком (райондук аткаруу комитети).
**РАЙКО'М** *м.* (районный комитет) райком (райондук комитет).
**РАЙО'Н** *м.* 1. район (*СССРде область, край же республиканын составына кирүүчү административдик-территориялык единица*); 2. район (*шаардын административдик-территориялык бөлүгү*); 3. район (*бир белгиси менен белгилүү болгон жай, орун*); **хлопковые районы** пахта райондору; 4. район (*бир аракет жүрүп жаткан жай*); **район военных действий** согуш аракеттери жүрүп жаткан район.
**РАЙОНИ'РОВАНИЕ** *ср.* райондоштуруу, райондоштурулуу; **районирование областей** областтарды райондоштуруу.
**РАЙОНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* райондоштуруу.
**РАЙО'ННЫЙ,** -ая, -ое **район**-*го т.*, райондук; **районный комитет** райондук комитет.
**РА'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **рай**-*га т.*, **райский уголок** жыргал жай; **у него райский голос** анын укмуштуу сонун үнү бар; ◇ **райское яблочко** *бот.* бейиш алмасы (*майда алманын бир түрү*).
**РАЙСОВЕ'Т** *м.* (районный совет) райсовет (райондук совет).
**РАК** I *м. зоол.* рак (*суу чаяны*); ◇ **красный как рак** чыйкандай кыпкызыл; **показать, где раки зимуют** *разг.* акесин таанытуу; **когда рак свистнет** *разг. ирон.* төөнүн куйругу жерге тийгенде.
**РАК** II *м. мед.* рак (*дененин ичине же сыртына чыгуучу жаман, коркунучтуу шишик*); **рак желудка** аш казан рагы; **рак печени** боор рагы.
**РАКЕ'ТА** I *ж. тех., воен.* ракета (*учуп бара жатып жарылганда айлананы жарык кылуучу снаряд*); **сигнальная ракета** сигнал берүүчү ракета.
**РАКЕ'ТА** II *ж. см.* **ракетка.**
**РАКЕ'ТКА** *ж. спорт.* ракетка (*теннис ойногондо колдонулуучу тордомо калак*).
**РАКЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **ракета** I-*ге т.*; **ракетный снаряд** ракета снаряды (*ичинде пайда болгон энергиянын жардамы менен кыймылга келүүчү артиллериялык снаряд*).
**РАКИ'ТА** *ж. бот.* тал (*тал жыгачынын бир түрү*).
**РА'КОВИНА** *ж.* раковина (1. *улулдун кабыгы*; 2. *металлдын оюлган жериндеги боштук*; 3. *жуунгучтун (умывальниктин) суу куюлуучу идиши*); ◇ **ушная раковина** кулак калканы.
**РА'КОВЫЙ** I, -ая, -ое **рак** I-*ге т.*

www.bizdin.kg

**РА'КОВЫЙ** II,-ая, -ое **рак** II-*ге т.*; **ра́ковая о́пухоль** рак шишиги.

**РАКООБРА'ЗНЫЙ**, -ая, -ое *зоол.* рак сыяктуу.

**РАКУ'ШКА** *ж.* үлүл кабыгы.

**РА'МА** *ж.* рама (1. *эшик же терезеге коюлуучу төрт бурчтуу, тегерек же башка формада жасалган алкак*; 2. *айнектүү терезе*; 3. *бир нерсенин (мис. сүрөттүн) айланасына жасалган жээк*).

**РАМАЗА'Н** *м.* рамазан (1. *орозо*; 2. *орозо айы*).

**РА'МКА** *ж.* 1. (*небольшая рама*) кичинекей рама; 2. рамка (*бир сүрөт же текстинин айланасындагы жээк*); 3. **ра́мки** *мн. перен.* (*границы*) чек, тартип; **в ра́мках зако́на** закон чектеринде (*закондон чыкпай*); **вы́йти за ра́мки (из ра́мок)** чектен чыгуу.

**РА'МОЧНЫЙ**, -ая, -ое **рама** 1, 2-*ге т.*

**РА'МПА** *ж. театр.* рампа (*алдыңкы сахнаны бойлото жасалган, жарык кылуучу аспаптар коюлган, узун жапыз барьер*).

**РА'НА** *ж.* 1. жара, жаракат, жараат; **огнестре́льная ра́на** ок тийгенден болгон жара; 2. *перен.* муң, чер, кайгы, капа, санаа.

**РАНГ** *м.* ранг (*разряд, даража, наам, чин*).

**РА'НЕЕ** *нареч. см.* **ра́ньше.**

**РАНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жарадар кылуу, жаралуу кылуу; 2. (*рана*) жара, жаракат, жараат.

**РА'НЕНЫЙ**, -ая, -ое 1. жарадар, жаралуу; 2. *в знач. сущ. м.* жарадар болгон адам.

**РАНЕ'НЬКО** *нареч. разг.* эрте; **она́ встаёт ране́нько** ал эрте турат.

**РАНЕ'Т** *м. бот.* (*сорт яблок*) ранет (*алманын бир түрү*).

**РА'НЕЦ** *м.* ранец (*буюм, китеп, аны-муну салып, ийинге асып жүрмө баштык, капчык*).

**РАНЖИ'Р** *м. воен. уст.*: **по ранжи́ру** 1) боюна карай; 2) *перен. разг.* даражасына, мансабына карай.

**РА'НИТЬ** *сов. и несов. кого-что* 1. жарадар кылуу, жаралуу кылуу; **ра́нить в го́лову** башын жарадар кылуу; 2. *перен.* көңүлдү оорутуу; **его́ слова́ бо́льно ра́нили меня́** анын сөздөрү менин көңүлүмдү катуу оорутту.

**РАННЕСПЕ'ЛОСТЬ** *ж. с.-х.* эрте бышма, эрте бышуучулук.

**РАННЕСПЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое *с.-х.* эрте быша турган, эрте бышуучу (*мис. алма*).

**РА'ННИЙ**, -яя, -ее 1. (*рано наступивший*) эрте, эрте келүүчү; **в э́том году́ весна́ ра́нняя** быйыл жаз эрте келди; 2. (*рано созревший*) эрте бышуучу, эрте жетилүүчү (*жемиштер*); 3. (*о начальном периоде чего-л.*) жаш кезиндеги; **тво́рчество ра́ннего Толсто́го** Толстойдун жаш кезиндеги чыгармасы; ◇ **ра́нняя пти́чка** 1) эртең менен сайроочу чымчык; 2) *перен.* эрте туруучу, эрте туруп көнгөн адам.

**РА'НО** *нареч.* 1. эрте; **ра́но у́тром** эртең менен эрте; **ра́но весно́й** эрте жазда; **ещё ра́но** азыр эрте, али эрте; 2. (*преждевременно*) эрте, мурун; **я пришёл сли́шком ра́но** мен эң эле эрте келдим; ◇ **ра́но и́ли по́здно** эртеби-кечпи, акыры бир боло турган иш.

**РАНОВА'ТО** *нареч. разг.* эртерээк; **в э́том году́ зима́ наступи́ла ранова́то** быйыл кыш эртерээк түштү.

**РАНТ** *м.* жулук (*бут кийимдин башы менен таманынын арасына кошо тигилүүчү кыпчынды*); **боти́нки на ранту́ (с ра́нтом)** жулуктуу ботинке.

**РАНТОВО'Й**, -а́я, -о́е жулуктуу.

**РАНТЬЕ'** *м. нескл.* рантье (*капиталисттик өлкөлөрдө — коомдун мите, сүткор тобуна жатуучу адам; мындай адамдар карызга берилген капиталдын процентн, баалуу кагаздардын киреше менен жашайт*).

**РАНЬ** *ж. разг.* эрте, таң эрте; **в таку́ю рань** мынчалык эрте, ушунчалык эрте.

**РА'НЬШЕ** *нареч.* 1. *сравн. ст. от нареч.* **ра́но** эртерээк; **я пришёл ра́ньше его́** андан мен эртерээк келдим; 2. (*сначала*) эрте, мурда, илгери; **ра́ньше вы́слушайте, а пото́м говори́те** мурда угуп туруп, анан сүйлөңүз; 3. (*прежде*) мурда, оболу, мурунку убакта; **здесь ра́ньше была́ безво́дная пусты́ня** мурда бул жерде суусуз чөл эле.

**РАПИ'РА** *ж.* рапира (*учу мокок төрт кырдуу найза; бул фехтованиеге үйрөтүүдө, спортто колдонулат*).

**РА'ПОРТ** *м.* рапорт (1. *воен. кенже аскер начальнигинин старший начальникке билдирүүчү кабары*; 2. *моюнга алган милдеттерди, аткарылган тапшырмаларды билдирүү үчүн берилген оозеки же жазуу түрүндөгү доклад*).

**РАПОРТОВА'ТЬ** *сов. и несов. кому-чему о чём* рапорт берүү.

**РАПСО'ДИЯ** *ж. муз.* рапсодия (*бир нече түрдүү бөлүктөрдөн турган, көбүнчө эл ырларынан же бийлеринен түзүлгөн инструменттик же оркестрлик музыкалуу чыгарма*).

**РАРИТЕ'Т** *м.* раритет (*кем табылуучу асыл буюм*); **колле́кция расите́тов** раритеттер коллекциясы.

**РА'СА** *ж.* раса (*түсүнө, башынын формасына, чачынын түсүнө, кебетесине ж. б. физикалык белгилерине карай адам баласынын шарттуу түрдө бөлүнгөн түркүмү*).

**РАСИ'ЗМ** *м.* расизм (*илимге каршы реакциялык теория; бул — адамдар расасы бирдей эмес, тандамал бир раса башкаларга үстөмдүк кылышы керек деген сандырак*).

**РАСИ'СТ** *м.* расист (*расизмди жактоочу*).

**РАСИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое расисттик, расизмдик.

**РАСКА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **раска́яться.**

**РАСКАЛЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **раскали́ть**; 2. *прил.* кызыган, абдан ысыган; **раскалённый песо́к** абдан ысыган кум.

**РАСКА'ЛИВАНИЕ** *ср.* абдан ысытуу (*мис. темирди*).

**РАСКАЛИ'ТЬ** *сов. что* абдан ысытуу (*мис. темирди*).

**РАСКАЛИ'ТЬСЯ** *сов.* абдан ысуу, абдан кызуу (*мис. темир*).

**РАСКА'ЛЫВАНИЕ** *ср.* жаруу (*отунду*); чагуу (*жаңгакты*).

**РАСКА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **расколо́ть.**

**РАСКА'ЛЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **расколо́ться**; 2. *страд. к* **раска́лывать.**

**РАСКАЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **раскали́ть.**

**РАСКАЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **раскали́ться**; 2. *страд. к* **раскаля́ть.**

**РАСКА'ПЫВАТЬ** *несов. см.* **раскопа́ть.**

**РАСКА'РМЛИВАТЬ** *несов. см.* **раскорми́ть.**

**РАСКАССИ'РОВАТЬ** *сов. кого-что* таратып жоюу.

**РАСКА'Т** *м. чаще мн.* жаңырык; **раска́ты гро́ма** күн күркүрөөнүн жаңырыгы; **раска́ты сме́ха** күлкү жаңырыгы.

**РАСКАТА'ТЬ** *сов. что* 1. (*развернуть*) тоголотуп жазуу (*мис. түрүлгөн килемди*); 2. (*напр. бельё*) тоголотуп таптоо; 3. (*тесто*) үбөлүктөө, үбөлүктөп жаюу.

**РАСКАТА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*развернуться*) тоголотулуп жазылуу (*мис. түрүлгөн килем*); 2. (*о тесте*) үбөлүктөлүү, үбөлүктөлүп жайылуу.

**РАСКА'ТИСТО** *нареч.* жаңырып, шарактап; **раска́тисто смея́ться** шарактап күлүү.

**РАСКА'ТИСТЫЙ**, -ая, -ое жаңырган, шарактаган; **раска́тистый хо́хот** жаңырган каткырык.

**РАСКАТИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*приобрести скорость*) тебе-тебе күүлөнүү (*мис. коньки, лыжа ж. б.*); 2. жантаюу, жантайып кетүү (*мис. жантаймадагы чана*).

**РАСКА'ТЫВАТЬ** *несов.* 1. *см.* **раската́ть**; 2. *разг.* (*много кататься*) ары-бери жүрө берүү (*мис. автомобилде*).

**РАСКА'ТЫВАТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **раската́ться**; 2. *страд. к* **раска́тывать.**

**РАСКА'ТЫВАТЬСЯ** II *несов. см.* **раскати́ться.**

**РАСКАЧА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* теңселтүү, термелтүү, терметүү; **раскача́ть каче́ли** селкинчекти терметүү; 2. *что* (*расшатать*) копшутуу, бошотуу, шалкылдатуу; **раскача́ть кол** казыкты шалкылдатуу; 3. *перен. разг.* козгоо, аракетке келтирүү, ишке чегүү.

www.bizdin.kg

**РЕЛЬСОПРОКА'ТНЫЙ,** -ая, -ое рельс жасоочу; **рельсопрокатный завод** рельс жасоочу завод; **рельсопрокатный цех** рельс жасоочу цех.

**РЕЛЯТИВИ'ЗМ** *м. филос.* релятивизм (*объективдүү дүйнөнү билүүгө боло тургандыкты танган жана бардык билимди относительный билим деп эсептөөчү идеалисттик окуу*).

**РЕЛЯТИВИ'СТ** *м.* релятивист (*релятивизмди жактоочу*).

**РЕЛЯТИВИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **релятивист**-*ке т.*; релятивисттик; **релятивистский взгляд** релятивисттик көз караш.

**РЕЛЯТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое релятивдүү.

**РЕЛЯ'ЦИЯ** *ж. воен. уст.* реляция (1. *өзүнүн аскерлеринин согуштук аракеттери тууралу жазган командирдин билдирүүсү*; 2. *сыйлоого сунуш кылган кезде согушта көрсөткөн баатырдыкты толук жазып көрсөтүү*).

**РЕМА'РКА** *ж.* ремарка (1. *китептин четине жазылган эскертүүлөр, белгилер*; 2. *театр. пьесада аракеттин жагдайы, геройлордун мүнөзү, алардын жүрүш-турушу, чыгыш-кириштери жөнүндө автор тарабынан жазылган тексттер; пьесанын сүйлөнбөй турган тексттери*).

**РЕ'МЕЗ** *м. зоол.* куркулдай.

**РЕМЁННЫЙ,** -ая, -ое **ремень**-*ге т.*; **ремённый кнут** кайыш камчы; **ремённая передача** *тех.* кайыш аркылуу жүргүзүү, кайыш менен жүргүзүү (*мис. молотилкада*).

**РЕМЕ'НЬ** *м.* 1. (*полоса кожи, ткани*) кайыш боо, узун ичке кайыш; кайыш кур, илгич (*пояс*); **ремень для правки бритв** устараны жанып курчутуучу кайыш; 2. **ремни** *мн.* (*для ручного багажа*) жүк таңгыч кайыш.

**РЕМЕ'СЛЕННИК** *м.* 1. өнөрпоз, уста, кол өнөрчү; 2. *перен. неодобр.* ремесленник, демилгесиз, ынтасыз иштөөчү адам; 3. (*ученик ремесленного училища*) ремесленник (*ремеслолук училищенин окуучусу*).

**РЕМЕ'СЛЕННИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **ремесленник** 2-*ге т.*; ремесленниктерче; **ремесленническое отношение к искусству** *неодобр.* искусствого ремесленниктерче мамиле кылуу.

**РЕМЕ'СЛЕННИЧЕСТВО** *ср.* 1. (*занятие ремеслом*) өнөрпоздук кылуу, усталык кылуу, кол өнөрчүлүк кылуу; 2. *перен. пренебр.* демилгесиз, ынтасыз иштөө.

**РЕМЕ'СЛЕННЫЙ,** -ая, -ое **ремесло**-*го т.*; ремеслолук; **ремесленное училище** ремеслолук училище.

**РЕМЕСЛО'** *ср.* (*мн.* **ремёсла**) өнөр, устачылык, кол өнөр; **сапожное ремесло** өтүкчүлүк; **столярное ремесло** жыгач устачылык.

www.bizdin.kg

**РИГОРИСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **ригоризм**-*ге т.*

**РИДИКЮ'ЛЬ** *м. уст.* ридикюль (*аялдардын кичине сумкасы*).

**РИ'ЗА** *ж. церк.* риза (*чиркөөдө поп кийүүчү жеңсиз чапан*).

**РИ'ЗНИЦА** *ж. церк.* ризница (*ризаларды жана чиркөөнүн ар түрдүү буюмдарын сактап турган чиркөөнүн бир бөлмөсү*).

**РИКОШЕ'Т** *м.* рикошет (*снаряддын же октун тийген нерсенин бетинен тайып, кайта ыргышы*); **рикошетом** 1) рикошет менен (тийүү); 2) *перен. разг.* (*косвенно*) бирөө үчүн азап тартуу, жеме угуу.

**РИ'КША** *м.* рикша (*Ыраакы Чыгыш өлкөлөрдө, эки дөңгөлөктүү жеңил арабага чегилип, пассажирлерди ташып оокат кылуучу адам*).

**РИ'МЛЯНИН** *м.* римлянин, римдик.

**РИ'МЛЯНКА** *женск. р. к* **римлянин;** римлянка.

**РИМСКИЙ,** -ая, -ое **Рим**-*ге т.*; римдик; ◇ **римское право** *юр.* Рим укугу (*Байыркы Рим мамлекетинин закондор жыйнагы*); **римские цифры** Рим цифралары (I, II, III *ж. б.*); **римский папа** Рим папасы (*католиктер дининин башчысы*); **римский нос** *разг.* кочкор мурун, орок мурун, куш мурун.

**РИНГ** *м. спорт.* ринг (*бокс аянтчасы*).

**РИ'НУТЬСЯ** *сов.* жулкунуп умтулуу, жулкунуп кирүү; **ринуться в бой** согушка жулкунуп кирүү.

**РИС** *м.* күрүч (*очищенный*); шалы (*не очищенный и растение*).

**РИСК** *м.* 1. (*опасность*) коркунуч, коркунучу бар; 2. (*действие наудачу*) тобокел, тобокел кылуу; **идти на риск** тобокелге салуу; ◇ **действовать на свой страх и риск** мүмкүн боло турган азап-тозокту өз мойнуна алып, тобокел кылуу.

**РИСКНУ'ТЬ** *сов.* 1. *см.* **рисковать;** 2. *с неопр.* (*попытаться, отважиться*) тобокел кылуу, мейли деп көрүү, жүрөгү дааш; **я рискнул спросить его об этом** мен ага, жүрөгүм даап, ушул жөнүндө суроо бердим.

**РИСКО'ВАННОСТЬ** *ж.* тобокелге салгандык, мейлиге салгандык.

**РИСКО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*опасный*) коркунучтуу, кооптуу, тобокелге салып иштелген; 2. *перен.* (*двусмысленный*) эки учтуу, эки анжы; **рискованное выражение** эки учтуу сөз, эки анжы сөз.

**РИСКОВА'ТЬ** *несов. кем-чем и с неопр.* тобокел кылуу, тобокелге салуу, мейлиге салуу; **рисковать жизнью** өмүрүн тобокелге салуу; **вы рискуете опоздать** сиз кечигип калып жүрбөңүз.

**РИСОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **рисование**-*ге т.*; сүрөт тартуучу; **рисовальный карандаш** сүрөт тартуучу карандаш; **рисовальная бумага** сүрөт тартуучу кагаз, сүрөт кагазы.

**РИСОВА'ЛЬЩИК** *м.* сүрөтчү, сүрөт тартуучу.

**РИСОВА'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **рисовальщик.**

**РИСОВА'НИЕ** *ср.* сүрөт тартуу, сүрөт салуу, сүрөтүн түшүрүү; **учиться рисованию** сүрөт тартууну үйрөнүү, сүрөт салууну үйрөнүү; **учитель рисования** сүрөт тартуу мугалими, сүрөт салуу мугалими.

**РИСОВА'ТЬ** *сов. кого-что* 1. сүрөт тартуу, сүрөт салуу, сүрөтүн түшүрүү; **рисовать карандашом** карандаш менен сүрөт тартуу; **рисовать красками** боёк менен сүрөт тартуу; 2. *перен.* (*описывать*) сүрөттөп айтуу, сүрөттөө (*устно*); сүрөттөп жазуу, сүрөттөө (*письменно*); **рисовать** *что-л.* **в ярких красках** *бир нерсени* ачык-айкын кылып сүрөттөп айтуу (жазуу).

**РИСОВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*виднеться*) көрүнүү, көрүнүп туруу, элестелүү; **вдали рисовались очертания гор** тоонун сөлөкөтү алыстан көрүндү; 2. *перен.* (*казаться, представляться*) элестөө, көз алдыга келүү; 3. *неодобр.* (*жеманничать*) короздонуу, өзүн көрсөтүү үчүн кокураюу; **он слишком рисуется** ал дегеле обу жок короздонот; 4. *страд. к* **рисовать.**

**РИСО'ВКА** *ж. неодобр.* короздонуу, өзүн көрсөтүү үчүн кокураюу.

**РИСОВО'ДСТВО** *ср. с.-х.* шалыкерчилик (*шалы өстүрүүчүлүк, күрүч өстүрүүчүлүк*).

**РИ'СОВЫЙ,** -ая, -ое **рис**-*ке т.*; **рисовый суп** күрүч сорпо; **рисовая каша** күрүч ботко.

**РИСОСЕ'ЯНИЕ** *ср. с.-х.* шалы (күрүч) эгүү, шалы (күрүч) айдоо; шалыкерчилик.

**РИСТА'ЛИЩЕ** *ср. уст.* 1. (*арена*) ат ойнотуучу аянт; 2. (*состязание*) ат чабыш.

**РИСУ'НОК** *м.* сүрөт; **акварельный рисунок** акварель сүрөт (*сууга эзме боёк менен тартылган сүрөт*).

**РИТМ** *м.* ритм (*кандайдыр бир элементтердин же учурлардын же кыймылдардын же үндүн бирдей кезектешиши, тэделиши, акырындашы, чыңдалышы, бошоңдолушу*); **ритм танца** танецтин ритми; **ритм стихов** ырдын ритми; **ритм работы** иштин (жумуштун) ритми.

**РИ'ТМИКА** *ж.* 1. (*система ритма*) ритмика (*ритмдин системасы*); **ритмика стиха** ырдын ритмикасы; 2. (*учение о ритме*) ритмика (*ритм жөнүндөгү окуу*); 3. (*ритмическая гимнастика*) ритмика (*ритм менен жасалган гимнастика*); **преподаватель ритмики** ритмика мугалими.

**РИТМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое ритмдүү, ритмдик, бир калыпта, бир тегиз; **ритмические движения** ритмдүү кыймылдар.

**РИТМИ'ЧНО** *нареч.* ритм менен, бир калыпта, бир тегиз; **она танцует ритмично** ал ритмдүү бийлейт, ал бир калыпта бийлейт.

**РИТМИ'ЧНОСТЬ** *ж.* ритмдүүлүк, бир калыптагык, бир тегиздик; **ритмичность движения** кыймылдын ритмдүүлүгү.

**РИТМИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **ритмический; ритмичная работа** ритмдүү иш.

**РИТО'РИКА** *ж.* риторика (1. *чечендик искусствосу жөнүндөгү теория; оратордук-чечендик жөнүндөгү илим*; 2. *кооз, бирок аз мазмундуу сөздөр; кургак чечендик*).

**РИТОРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **риторика** 1-*ге т.*; риторикалык; **риторический приём** риторикалык жол (ык).

**РИТОРИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое риторикалык (*кооз, бирок мазмуну аз; кургак чечендикиндей*); **риторичный стиль** риторикалык стиль.

**РИТУА'Л** *м.* 1. *рел.* ритуал (*диний ырым-жырымдар*); **ритуал погребения** өлгөндү көмүүнүн ритуалы (*диний ырым-жырымдары*); 2. (*церемония, церемониал*) эскиден адат катарында калган тартип, үрп-адат.

**РИТУА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **ритуал**-*га т.*

**РИФ** I *м.* (*подводная скала*) риф (*деңиз, суу бетине оркоюп чыгып турган же суу түбүндөгү оркок таштар*), **коралловый риф** маржан рифи.

**РИФ** II *м. мор.* риф (*парустун жип өткөрүлүүчү тешиктери же бүчүлөрү*); **брать рифы** рифтерди тартуу (*катуу шамал болгон кезде парусту жыйрып кичирейтүү*).

**РИФЛЕ'НИЕ** *ср. тех.* одур-бодурлоо, бодурлоо (*бир нерсенин бетин, үстүн бодур-будур кылып жасоо*).

**РИФЛЁНЫЙ,** -ая, -ое *тех.* одур-бодурланган, бодурланган; **рифлёное железо** бети бодурланган темир, бети одур-бодурланган темир.

**РИ'ФМА** *ж.* рифма, уйкаштык, ыр уйкаштыгы, **мужская рифма** эркек рифмасы (*басымы акыркы муунга түшкөн рифма*); **женская рифма** аял рифмасы (*басымы акыркы муундун алдындагы муунга түшкөн рифма*); **сказать в рифму** уйкаштырып айтуу.

**РИФМО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **рифмовать;** 2. *прил.* рифмаланган, рифмалуу, уйкаштырылган, уйкаштуу, уйкашы бар; **рифмованные стихи** рифмаланган ырлар.

www.bizdin.kg

**РИФМОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *лит.* (*быть созвучным*) рифмалануу, уйкашуу; **2.** *что* (*подбирать для рифмы*) рифмага салуу, уйкаштыруу; **3.** *разг.* (*сочинять стихи*) ыр жазуу, ыр чыгаруу.

**РИФМОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **рифмова́ть** 1; **2.** *страд. к* **рифмова́ть** 2.

**РИФМО'ВКА** *ж.* рифмовка, уйкашуу (*ырда рифмалардын кезектешүү тартиби*).

**РИФМОПЛЁТ** *м. разг. презр.* акын сөрөй.

**РККА** (Рабо́че-Крестья́нская Кра́сная А́рмия) *ист.* Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясы.

**РКП(б)** [Росси́йская Коммунисти́ческая па́ртия (большевико́в)] *ист.* РКП(б) [Россиялык Коммунисттик (большевиктер) Партиясы] (*Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын 7 съездинен 14 съездине чейинки аты*).

**РОБЕ'ТЬ** *несов.* чочулоо, коркуу, жүрөк заада болуу, жүрөксүнүү; **не робе́й!** коркпо!

**РО'БКИЙ**, -ая, -ое коркок, жүрөгү жок, тартынчаак; ◇ **он челове́к не ро́бкого деся́тка** ал коркоктордон эмес.

**РО'БКО** *нареч.* коркуп, коркоктук кылып, жүрөгү жоктук кылып, тартынчаактык кылып.

**РО'БОСТЬ** *ж.* жүрөгү жоктук, тартынчаактык.

**РО'БОТ** *м.* робот (*өзүнүн кыймылы менен адам сыяктанып иштеген автомат*).

**РОВ** *м.* (*мн.* **рвы**) казылган аңгек, казылган аң, казылган коо; **крепостно́й ров** крепость аңгеги, сепил аңгеги; **противота́нковый ров** танкыга каршы казылган аң.

**РОВЕ'СНИК** *м.* курдаш, тең, курбу, жаштары бирдей; **мы с ним рове́сники** ал экөөбүз теңбиз.

**РОВЕ'СНИЦА** *женск. р. к* **рове́сник.**

**РО'ВНО** *нареч.* **1.** (*гладко*) тегиз, текши; **2.** (*прямо*) түз, бирдей; **доро́га шла ро́вно** жол түз кеткен; **3.** (*точно*) так, дал, тупатуура, туура; **ро́вно сто рубле́й** тупатуура жүз сом, туура жүз сом; **он прорабо́тал там ро́вно де́сять лет** ал анда туура он жыл иштеди; **по́езд отхо́дит ро́вно в два часа́** поезд дал саат экиде кетет; **4.** *разг.* (*совсем*) түк, таптакыр, эч; **я ро́вно ничего́ не по́нял** мен түк эч нерсе түшүнгөнүм жок; **5.** (*равномерно*) тең, бир калыпта; **се́рдце би́лось ро́вно** жүрөк бир калыпта согуп турду.

**РО'ВНОСТЬ** *ж.* тегиздүүлүк, текшилик.

**РО'ВНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*о поверхности*) тегиз, текши; **ро́вная доро́га** тегиз жол; **2.** (*прямой*) түз, бирдей; **ро́вная ли́ния** түз сызык; **3.** *разг.* (*равный, одинаковый*) тең, бирдей; **4.** (*равномерный*) тең, бир калыпта; **ро́вный шаг** бир калыпта басуу; **5.** *перен.* (*уравновешенный*) оор басырык, бир калыпта; **ро́вный хара́ктер** бир калыптагы мүнөз, оор басырык мүнөз; **для ро́вного счёта** текши счёт үчүн, тең счёт үчүн; **ро́вным счётом** тупатуура; **ро́вным счётом сто рубле́й** тупатуура жүз сом; **он ро́вным счётом ничего́ не по́нял** ал таптакыр эч нерсе түшүнгөн жок; **ро́вный вес** таразага туура.

**РО'ВНЯ'** *м. и ж. разг.* теңдеш, теңтуш, курбу.

**РОВНЯ'ТЬ** *несов. что* текшилөө, тегиздөө, түздөө, түзөтүү; **ровня́ть доро́гу** жолду текшилөө (тегиздөө).

**РОВНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*становиться гладким*) тегизденүү, текшиленүү, түздөнүү; **2.** *перен.* теңелүү, кошулуу, катарына жетишүү; **ровня́ться по передовика́м** алдыңкыларга теңелүү, алдыңкылардын катарына жетишүү; **3.** *страд. к* **ровня́ть;** ◇ **напра́во ровня́йсь!** (*команда*) оңго карай түздөн!

**РОГ** *м.* (*мн.* **рога́**) **1.** мүйүз; **оле́ньи рога́** бугунун мүйүзү; **2.** (*музыкальный инструмент*) сурнай; **труби́ть в рог** сурнай тартуу; ◇ **наста́вить** *кому-л.* **рога́** *разг. бирөөнүн* көзүнө чөп салуу; **облома́ть рога́** *кому-л. бирөөнүн* жинин, чымынын кагуу; **согну́ть** *кого-л.* **в бара́ний рог** *бирөөнү* кыяк эткис кылып коюу (багынтуу), *бирөөнү* тезге салуу; **брать быка́ за рога́** *разг.* аракетти негизги жерге багыттап, чечкиндүү аракет кылуу; **как из ро́га изоби́лия** түндүктөн куюлуп тургандай.

**РОГА'СТЫЙ**, -ая, -ое *разг.* чоң мүйүздүү, чоң мүйүзү бар; **рога́стый бык** чоң мүйүздүү бука.

**РОГА'ТИНА** *ж.* *охот.* найза (*аюу уулаганда колдонулуучу найза*).

**РОГА'ТКА** *ж.* **1.** (*на дороге*) тосмо; **2.** *перен.* (*препятствие*) кедерги, тоскоол; **3.** (*для стрельбы*) рогатка (*ача жыгачка резинке байлап, таш салып атуучу, балдар оюнчугу*); **стреля́ть из рога́тки** рогаткадан атуу; **4.** (*для сбивания масла*) бишкек (*май бышуу үчүн колдонулуучу чалгыч*).

**РОГА'ТЫЙ**, -ая, -ое мүйүздүү; **кру́пный рога́тый скот** ири мүйүздүү мал.

**РОГА'Ч** *м.* **1.** (*жук*) мүйүздүү коңуз; **2.** (*олень-самец*) бугу; **3.** *обл.* (*ухват*) мештин ичинен чугунду тартып алуучу ачакей айры.

**РОГОВИ'ДНЫЙ**, -ая, -ое мүйүз сыяктуу, мүйүз сымал.

**РОГОВИ'ЦА** *ж. анат.* көздүн сыртындагы тунук околочка.

**РОГОВО'Й**, -а́я, -о́е **рог**-*го т.*; **рогово́й гре́бень** мүйүз тарак; ◇ **рогова́я оболо́чка гла́за** *см.* **рогови́ца.**

**РОГО'ЖА** *ж.* жөкө (*аны-муну таңылуучу одоно ткань*); **упакова́ть корзи́ну в рого́жу** корзинаны жөкө менен ороо.

**РОГО'ЖКА** *ж.* **1.** *уменьш. от* **рого́жа** кичине жөкө; **2.** (*ткань*) рогожка (*жайында сырткы кийим жасай турган ак кездеме*).

**РОГО'ЖНЫЙ**, -ая, -ое **рогожа**-*га т.*

**РОГОНО'СЕЦ** *м. разг.* аялы көзүнө чөп салган эркек.

**РОГУ'ЛЬКА** *ж.* рогулька (**1.** *мүйүзгө окшотуп жасаган нан*; **2.** *текст. жип ийрүүчү машиналарда — жипти чыйратуу үчүн колдонулуучу аспап*).

**РОД** *м.* **1.** (*в первобытном обществе*) уруу; **старе́йшина ро́да** уруу аксакалы; **2.** (*ряд поколений*) тукум, муун; **из ро́да в род** муундан муунга, тукумдан тукумга; **3.** (*в научных классификациях*) түр; **4.** (*сорт, вид*) түр, сорт; **вся́кого ро́да това́ры** ар түрдүү товарлар; **род де́ятельности** иштин түрү, иш түрү; **род ору́жия** курал-жарак түрү; **род во́йск** войсколор түрү; **5.** *грам.* род (*кээ бир тилдерде болуучу грамматикалык категория; мис. орус тилинде — мужской, женский жана средний род бар*: **каранда́ш** *мужской*, **ру́чка** *женский*, **перо́** *средний*, **пришёл** *мужской*, **пришла́** *женский*, **пришло́** *средний род ж. б.*); ◇ **без ро́ду без пле́мени** тексиз, жетесиз; **ни ро́ду ни пле́мени** урук-тууганы жок, жалгыз; **род людско́й** *или* **челове́ческий род** адам баласы; **десяти́ лет о́т роду** туулганына он жыл болду, ал он жашта; **в не́котором ро́де** бир аз, белгилүү даражада, анча-мынча; **в своём ро́де** өзүнчө, өз алдынча, өзүнө жараша, өзүнчө бир; **и о́сень, и весна́ хороши́ ка́ждая в своём ро́де** жаз да, күз да ар бири өзүнчө жакшы; **своего́ ро́да** *разг.* өзүнчө, өз алдынча; **ка́ждый из э́тих писа́телей в своём ро́де интере́сен** бул жазуучулардын ар кайсысы өзүнчө кызык.

**РО'ДИЕВЫЙ**, -ая, -ое **родий**-*ге т.*

**РО'ДИЙ** *м. хим.* родий (*күмүштөй ак жумшак металл*).

**РОДИ'ЛЬНИЦА** *ж. обл.* жаңы эле төрөгөн аял.

**РОДИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое: **роди́льный дом** төрөт үйү; **роди́льная горя́чка** *мед.* төрөт горячкасы, төрөт ысытмасы (*төрөттөн кийинки оору*).

**РОДИ'МЧИК** *м. разг.* талма (*боюнда бар же төрөп жаткан аялдардын, жаш балдардын талма оорусу*).

**РОДИ'МЫЙ**, -ая, -ое **1.** *поэт.* (*родной*) тууган, туулган; **роди́мая сторо́нушка** тууган жер, туулган жер, туулган өлкө; **2.** *разг.* (*ласковое обращение*) чырагым, айланайын, кагылайын, садагасы; ◇ **роди́мое пятно́** 1) (*родинка*) кал, мең; 2) *перен.* (*пережиток*) калдык (*эскинин калдыгы*).

**РО'ДИНА** *ж.* **1.** (*отечество*) родина, ата мекен, мекен; **социалисти́ческая Ро́дина** социалисттик Родина, социалисттик Ата Мекен; **защи́та ро́дины** родинаны коргоо; **любо́вь к ро́дине** родинаны сүйүү; **2.** (*место рождения*) тууган жер, туулган жер, туулган өлкө; **3.** (*место возникновения чего-л.*) чыккан жери.

www.bizdin.kg

**РО'ДИНКА** *ж.* кал, мең.
**РОДИ'НЫ** *только мн. разг.* **1.** (*празднование рождения младенца*) жентек той, баланын тою, бешик той; **2.** *уст.* (*роды*) төрөт.
**РОДИ'ТЕЛИ** *только мн.* ата-эне, эне-ата.
**РОДИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* ата.
**РОДИ'ТЕЛЬНИЦА** *ж.* эне.
**РОДИ'ТЕЛЬНЫЙ**: **роди́тельный паде́ж** *грам.* илик жөндөмө.
**РОДИ'ТЕЛЬСКИЙ**, -ая, -ое **родители**-*ге т.*
**РОДИ'ТЬ** *сов. и несов.* **1.** *кого* төрөө, тууш; **роди́ть сы́на** уул төрөө; **2.** *что, перен.* (*создать, произвести*) жасоо, туудуруу; **э́то собы́тие роди́ло мно́жество слу́хов** бул окуя далай миш-миш туудурду; **3.** (*о почве*) түшүм берүү; ◇ **в чём мать роди́ла** *разг.* энеден туума, жыпжылаңач.
**РОДИ'ТЬСЯ** *сов. и несов.* **1.** төрөлүү, туулуу; **роди́лся сын** уул төрөлдү; **2.** *перен.* (*появиться, возникнуть*) туулуу, пайда болуу; **у меня́ роди́лась мысль** менде бир ой туулду; **3.** (*произрасти*) өсүү, өнүү, чыгуу; **здесь хорошо́ роди́тся хло́пок** бул жерде пахта жакшы чыгат.
**РО'ДИЧ** *м.* **1.** *ист.* (*член рода*) уруу мүчөсү; **2.** *разг. уст.* (*родственник*) тууган, туушкан.
**РОДНИ'К** *м.* булак, кайнар, кайнар булак, башат.
**РОДНИКО'ВЫЙ**, -ая, -ое **родник**-*ке т.*; **роднико́вая вода́** булактын суусу, булак суусу, кайнардын суусу.
**РОДНИ'ТЬ** *несов. кого-что с кем-чем* тууган кылуу, туугандаштыруу, тегин бир кылуу.
**РОДНИ'ТЬСЯ** *несов. с кем-чем* **1.** (*вступать в отношения родства*) тууган болуу, туушкан болуу, туугандашуу, кудалашуу; **2.** (*сближаться*) жакындашуу, жакын жолдош болуу, бир-бирине жакын болуу.
**РОДНИЧО'К** I *м. анат.* эмгек (*баланын төбөсүндөгү эмгеги, былкылдак жери*).
**РОДНИЧО'К** II *м. уменьш. от* **родни́к** булакча, кайнарча, кайнар булакча, башатча.
**РОДНО'Й**, -а́я, -о́е **1.** каны бирге, тууган, бир тууган, боордош, уялаш; **э́то его́ родно́й сын** бул анын өз баласы; **мой родно́й брат** менин бир тууган агайым (*старший*); менин бир тууган иним (*младший*); **её родна́я сестра́** анын бир тууган эжеси (*старшая*); анын бир тууган сиңдиси (*младшая*); **мой родно́й оте́ц** менин өз атам, өз атам; **моя́ родна́я мать** менин өз энем, өз энем; **2.** *в знач. сущ.* **родны́е** *мн.* урук-туугандар, туугандар; **у него́ мно́го родны́х** анын урук-туугандары көп; **3.** (*свой*) жакын, өз; **мой родно́й го́род** менин өз шаарым, өз шаарым; **моя́ родна́я страна́** менин өз өлкөм, өз өлкөм; **родно́й язы́к** эне тил; **4.** (*дорогой, милый — в обращении*) азиз.
**РОДНЯ'** *ж.* **1.** *собир.* (*родственники*) урук-тууган, туугандар; **бли́зкая родня́** жакын туугандар; **да́льняя родня́** кыйыр туугандар, алыскы туугандар; **2.** *разг.* (*родственник, родственница*) тууган; **он мне родня́** ал мага тууган.
**РОДОВИ'ТОСТЬ** *ж. уст.* теги чоңдук, теги ак сөөктүк.
**РОДОВИ'ТЫЙ**, -ая, -ое *уст.* теги чоң, теги ак сөөк, чоңдун тукуму.
**РОДОВО'Й** I, -а́я, -о́е **1. род** I-*ге т.*; **родово́е о́бщество** урууучулук коому, уруу коому; **2.** *уст.* (*наследственный*) тукумдан тукумга өтүп келген, муундан муунга өтүп келген; **родово́е поме́стье** тукумдан тукумга өтүп келген поместье (жер-мүлк); **3.** (*в научных классификациях*) тектик; **родовы́е и видовы́е назва́ния расте́ний** өсүмдүктөрдүн тектик жана түрдүк аттары.
**РОДОВО'Й** II, -а́я, -о́е: **родовы́е бо́ли** толгоо, толгок тутуу.
**РОДОВСПОМОГА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое: **родовспомога́тельные учрежде́ния** төрөөчү аялдарга медициналык жардам берүүчү мекемелер.
**РОДОДЕ'НДРОН** *м. бот.* рододендрон (*тоодогу коо гүлдүү бадал өсүмдүктүн бир түрү*).
**РО'ДОМ** *нареч.* теги, туулуп-өскөн жери; **он ро́дом из Москвы́** анын туулуп-өскөн жери — Москва, анын туулган жери — Москва; **он ро́дом кирги́з** анын теги кыргыз.
**РОДОНАЧА'ЛЬНИК** *м.* **1.** (*предок*) уруунун атасы, уруу баштыгы, аксакалы; **2.** *перен.* (*основоположник*) негиз салуучу, негиздөөчү, негизин түзүүчү.
**РОДОСЛО'ВИЕ** *ср. см.* **родосло́вная.**
**РОДОСЛО'ВНАЯ** *ж.* санжыра.
**РОДОСЛО'ВНЫЙ**, -ая, -ое: **родосло́вная кни́га** санжыра китеп.
**РО'ДСТВЕННИК** *м.* тууган, туушкан.
**РО'ДСТВЕННИЦА** *женск. р. к* **ро́дственник.**
**РО'ДСТВЕННОСТЬ** *ж.* **1.** (*сходство*) тектештик, окшоштук; **2.** (*сердечность*) достук, жылуулук, чын жүрөктөн болгондук.
**РО'ДСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** туугандык, туушкандык; **ро́дственная связь** туугандык байланыш; **2.** *перен.* (*близкий по происхождению или содержанию*) тектеш, түрдөш, окшош, турпатташ; **ро́дственные языки́** тектеш тилдер; **3.** (*тёплый, сердечный*) жылуу, чын жүрөктөн болгон.
**РОДСТВО'** *ср.* **1.** туугандык, туушкандык; **кро́вное родство́** каны бирге туугандык, бир туугандык, бир атадан тарагандык; **быть в родстве́** тууган болуу; **2.** *перен.* (*близость, общность, сходство*) тектештик, түбү бирдик, түрдөштүк, окшоштук, турпатташтык; **родство́ языко́в** тилдердин тектештиги.
**РО'ДЫ** *только мн.* төрөө, төрөт, тууш; **пе́рвые ро́ды** биринчи төрөө, биринчи тууш; **преждевре́менные ро́ды** убактысынан мурун төрөө, айы-күнүнө жетпей төрөө.
**РОЕ'НИЕ** *ср.* уядан топтошуп бөлүнүп чыгуу; **рое́ние пчёл** аарылардын уядан топтошуп бөлүнүп чыгышы.
**РО'ЖА** I *ж. прост.* (*безобразное лицо*) суук өң, өңү суук киши; **стро́ить (ко́рчить, де́лать) ро́жи** бети-башын бырыштыруу (тырыштыруу), мурдун чүйүрүү.
**РО'ЖА** II *ж. мед.* тилме, кыйма (*бет кызарып же дененин башка бир жери шишиген жугуштуу оору*).
**РОЖА'ТЬ** *несов. разг.* төрөө, тууш.
**РОЖДА'ЕМОСТЬ** *ж.* бала туулуш, бала төрөлүү саны; **рост рожда́емости** бала төрөлүшүнүн өсүшү, төрөттүн өсүшү.
**РОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **роди́ть** 2.
**РОЖДА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **роди́ться** 1, 2; **2.** *страд. к* **рожда́ть.**
**РОЖДЕ'НИЕ** *ср.* төрөлүш, туулуш; **день рожде́ния** туулган күнү; **год и ме́сто рожде́ния** туулган жери жана жылы.
**РОЖДЕ'СТВЕНСКИЙ**, -ая, -ое **рождество**-*го т.*
**РОЖДЕСТВО'** *ср. рел.* рождество (*христиан дининде — Иса пайгамбардын туулган күнүнө ырналган майрам*).
**РОЖЕ'НИ'ЦА** *ж.* жаңыдан төрөгөн же төрөөчү аял.
**РОЖКИ'** *мн.* (*род макарон*) рожки (*майда макарон*).
**РОЖО'К** *м.* **1.** (*мн.* **ро́жки**) *уменьш. от* **рог** мүйүз, кичинекей мүйүз; **2.** (*мн.* **рожки́**) (*музыкальный инструмент*) чоор, сыбызгы; **пасту́ший рожо́к** койчу, уйчунун чоору; **3.** (*мн.* **рожки́**) (*для кормления*) упчулуу бөтөлкө (*жаш балага эмизилүүчү*); **4.** (*мн.* **рожки́**) (*для надевания обуви*) рожок (*бут кийим кийген кезде аны оңой кийүү үчүн согончокко, апкытка тосо коюучу кичинекей кашык сыяктуу калакча*).
**РОЖО'Н** *м.*: **лезть на рожо́н** *разг.* биле туруп бычакка урунуу; **како́го рожна́ на́до** *прост.* дагы эмне керек?
**рожу́, роди́шь** *и т. д. буд. вр. от* **роди́ть.**
**РОЖЬ** *ж.* кара буудай; **ози́мая рожь** күздүк кара буудай; **мешо́к ржи** бир мешок кара буудай.
**РО'ЗА** *ж.* **1.** (*цветок*) роза (*кызыл гүл*); **ча́йная ро́за** чай розасы; **2.** (*розовый куст*) роза (*роза гүлүнүн бадалчасы*).
**РО'ЗАН** *м.* **1.** *разг. см.* **ро́за;** **2.** (*булочка*) розан (*кичинекей тегерек бөлкө*).
**РОЗА'РИЙ** *м.* розарий (*кызыл гүл гүлүстаны*).

www.bizdin.kg

**РО'ЗВАЛЬНИ** *только мн.* жөнөкөй жалпак чана.
**РО'ЗГА** *ж.* 1. (*ветка, прут*) балак чыбыгы, көк тал чыбык; 2. **ро́зги** *мн.* (*наказание*) көк тал чыбык менен сабоо (*жаза берүү*).
**РО'ЗДЫХ** *м. разг.* аз гана дем алуу, кичине эс алуу.
**РОЗЕ'ТКА** *ж.* розетка (1. *варенье салынуучу кичинекей табакче*; 2. *тех. электр туташтыргычтын үстүнөн дубалга кадалуучу кичинекей тегерек фарфор же жыгач*; 3. *архит. дубалга же шыпка коздук үчүн чапталуучу гүл, жалбырак сыяктуу нерсе*).
**РОЗМАРИ'Н** *м.* розмарин (1. *жалбырагынан же гүлүнөн жыттуу май чыгарылуучу, дайым көгөрүп туруучу түштүк өсүмдүгү*; 2. *алманын бир түрү*).
**РО'ЗНИЦА** *ж.*: **в ро́зницу** чекенелеп, чекене, дааналап, бир-бирден; **продава́ть в ро́зницу** чекене сатуу, дааналап сатуу.
**РО'ЗНИЧНЫЙ,** -ая, -ое чекене; **ро́зничная торго́вля** чекене соода; **ро́зничные това́ры** чекене соода аркылуу сатылуучу товарлар.
**РО́ЗНЬ** *ж.* чатак, чыр, ыйкы-тыйкы, араздык, кыжыңкужуң; **се́ять рознь** араздык туудуруу; **челове́к челове́ку рознь** *разг.* кишинин кишиси бар (*ар түрдүү киши бар*).
**РОЗОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое кызгылт.
**РОЗОВЕ'ТЬ** *несов.* кызаруу, кызгылт тартуу, албыруу.
**РО'ЗОВЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о цвете*) кызыл, кызгылт; **ро́зовые щёки** кызыл бет, кызыл жүз; **ро́зовое пла́тье** кызгылт көйнөк; 2. **роза**-*га т.*; **ро́зовый куст** роза бадалы; ◇ **ви́деть всё в ро́зовом цве́те (све́те)** бардык нерсени жакшы деп көрүү, кемчиликтерге көз жумуу.
**РО'ЗОЧКА** *ж. уменьш. от* **ро́за** кичинекей роза.
**РО'ЗЫГРЫШ** *м.* 1. (*займа, лотереи*) утуш; **ро́зыгрыш облига́ций за́йма** заёмдун облигациясынын утушу; 2. *спорт.* (*ничья*) оюнда эки жак тең чыгуу; 3. *спорт.* (*соревнование*) мелдешип ойноо; **ро́зыгрыш ку́бка** кубокту алуу үчүн мелдешип ойноо.
**РО'ЗЫСК** *м.* 1. (*поиски*) издөө, тинтүү; 2. *юр.* (*дознание*) суроо, издөө; **уголо́вный ро́зыск** уголовный издөө бөлүмү (*милициянын кылмыштуу кишилерди издөөчү жана кармоочу бөлүмү*).
**РОИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*образовывать рой*) уядан топтошуп бөлүнүп чыгуу, уялап бөлүнүп чыгуу (*аары*); 2. (*летать роем*) уюгу менен учуу (*чымын, аары*); 3. *перен.* быкылдоо; **в моей голове́ роя́тся мы́сли** менин башымда ар түрдүү ой быкылдап жатат (быкып жатат).
**РОЙ** *м.* 1. (*мн.* **рои**) уюк; **пчели́ный рой** аарынын уюгу; **рой комаро́в** чиркейдин уюгу; 2. *перен.* (*множество*) толгон, көп, быкылдаган; **рой мы́слей** быкылдаган ой, көп ой.
**РОК** *м. уст.* тагдыр, жазмыш.
**РОКИРОВА'ТЬСЯ** *сов. и несов. шахм.* рокировка кылуу.
**РОКИРО'ВКА** *ж. шахм.* рокировка (*бир жүрүш менен ладьяны королдун жанына алып келип, королду ладьяны аттатып барып аркы четине коюу*).
**РОКОВО'Й,** -а́я, -о́е 1. *уст.* (*предопределённый роком*) тагдырда жазылган; 2. (*решающий*) чечкиндүү, мындан аркы окуяны белгилеп кетүүчү; 3. (*гибельный*) арты жаман, натыйжасы жаман, түбү жакшы эмес, арты кайырдуу эмес; **рокова́я оши́бка** натыйжасы жаман каталык; **рокова́я боле́знь** арты кайырдуу эмес оору.
**РОКОКО'** *ср. нескл. архит.* рококо (*17-18 кылымдарда Францияда өтө күч алган кылдат жана укмуштуу формалуу архитектуралык стиль*).
**РО'КОТ** *м.* шуу, дуу, гүү (*дуулдаган, гүүлдөгөн, шуулдаган дабыш*); **ро́кот мо́ря** деңиздин гүүлдөп-шуулдаганы.
**РОКОТА'ТЬ** *несов.* дуулдоо, гүүлдөө, шуулдоо; **мо́ре роко́чет** деңиз дуулдап-шуулдайт.
**РО'ЛИК** *м.* 1. (*колёсико*) чыгырык, кичинекей чыгырык; **крова́ть на ро́ликах** чыгырыктуу керебет; 2. *эл.* ролик (*электр сымдары жүргүзүлө турган дубалга же потолокко бекитилүүчү изолятор*); 3. *тех.* (*блок*) ролик; 4. **ро́лики** *мн. спорт.* (*коньки на колёсиках*) чыгырыктуу коньки; **ката́ться на ро́ликах** чыгырыктуу коньки тебүү.
**РОЛЬ** *ж.* 1. *театр.* роль (*сахнада көрсөтүлүүчү пьесанын персонажы жана артист аткара турган ролдун пьесадан көчүрүлүп алынган сөздөрү*); **игра́ть роль скупо́го** сарандын ролун ойноо; **гла́вная роль** башкы роль; **игра́ть роль** *прям. и перен.* роль ойноо (*мааниге ээ болуу, орун алуу*); 2. *перен.* (*значение*) роль, маани; **всеми́рно-истори́ческая роль** бүтүн дүйнөлүк-тарыхый роль; **э́то обстоя́тельство игра́ет большу́ю роль** бул кырдаал чоң ролду ойнойт.
**РОМ** *м.* ром (*күчтүү ичкиликтин бир түрү*).
**РОМА'Н** *м.* 1. *лит.* роман (*көбүнчө кара сөз менен жазылган татаал сюжеттүү көркөм чыгарма*); **истори́ческий рома́н** тарыхый роман; 2. *разг.* (*между женщиной и мужчиной*) роман (*аял менен эркектин ортосундагы сүйүү мамилеси*).
**РОМАНИ'СТ** I *м.* романист (*романчы, роман жазуучу*).
**РОМАНИ'СТ** II *м. филол.* романист (*роман филологиясы боюнча специалист*; *см.* **рома́нский**).
**РОМАНИ'СТКА** *женск. р.* к **романи́ст** I, II.
**РОМАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **роман** 1-*ге т.*; 2. (*любовный*) сүйүү, ашыктык негизинде болгон; **романи́ческие приключе́ния** сүйүү окуялары.
**РОМА'НС** *м. муз.* романс (*лирикалык мүнөздө, көбүнчө обон менен айтылуучу, кичинекей музыкалуу чыгарма*).
**РОМА'НСКИЙ,** -ая, -ое романдык (*Байыркы Рим маданиятынын негизинде чыккан же аны менен тыгыз байланышта болгон*); **рома́нский стиль** *архит.* романдык стиль (*11-13 кылымда алгачкы феодализмдин убагындагы искусстводо болгон батыш-европалык стиль*); **рома́нские языки́** роман тилдери (*француз, испан, италия, прованс, португалия, румын, молдаван тилдери*).
**РОМАНТИ'ЗМ** *м.* 1. *лит., иск.* романтизм (*19 кылымдын башында адабиятта жана искусстводо болгон багыт; бул багыт өткөндү идеализация кылат, чындыктан четте турат, жеке адамдын тарыхтагы ролун ашыра баалайт, ага сыйынат*); 2. *лит.* романтизм (*советтик адабияттагы жана искусстводогу багыт — терең оптимизмди өз ичине алган, адамдын эң жогорку сапатын, анын коомдук турмуштагы жогорку ролун көрсөтүүгө умтулган багыт*); **революцио́нный романти́зм** революциячыл романтизм; 3. *перен. см.* **рома́нтика**.
**РОМА'НТИК** *м.* романтик (1. *романтизмди жактоочу*; 2. *кыялга берилүүчү*).
**РОМА'НТИКА** *ж.* романтика (1. *кыялга берилүүчүлүк, кургак кыялчылык*; 2. *бир нерсенин артыкчылыгын жогору көтөрүү, кадырдоо, ардактоо*).
**РОМАНТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **романтизм** 1, 2-*ге т.*; романтикалык; **романти́ческое направле́ние в литерату́ре** адабияттагы романтикалык багыт; 2. *см.* **романти́чный**.
**РОМАНТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* романтикалык (*кыялга берилгендик*).
**РОМАНТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое (*мечтательный*) романтикалык (*кыялга берилген*).
**РОМА'ШКА** *ж.* ромашка (1. *ак гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү*; 2. *ромашка чыланып жасалган дары*).
**РОМА'ШКОВЫЙ,** -ая, -ое **ромашка**-*га т.*
**РОМБ** *м.* ромб (1. *мат. бардык жагы тең параллелограмм*; 2. *кыйшык бурч түрүндө жасалган фигура, буюм, нерсе*).
**РОМБИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **ромб**-*га т.*
**РОМБО'ИД** *м. мат.* ромбоид (*параллелограмм*).
**РО'МОВЫЙ,** -ая, -ое **ром**-*го т.*; **ро́мовая ба́ба** *см.* **ба́ба**.
**РО'НДО** *ср. нескл. муз.* рондо (*негизги темасы кайталанып туруучу музыкалык чыгарма*).
**РОНДО'** I *ср. нескл.* (*вид стихотворения*) рондо (*ырдын бир түрү*).

www.bizdin.kg

**РО'ХЛЯ** *м. и ж. разг.* дылдыраган, үлдүрөгөн адам, шыкпаган-шашпаган киши.

**РО'ЩА** *ж.* токойчо, токой; **берёзовая ро́ща** кайыңдуу токой.

**ро́ю, ро́ешь** *и т. д. наст. вр. от* **рыть.**

**ро́юсь, ро́ешься** *и т. д. наст. вр. от* **ры́ться.**

**РОЯЛИ'ЗМ** *м. полит.* роялизм (*монархизмди, королдун бийлигин жактоочулук*).

**РОЯЛИ'СТ** *м. полит.* роялист (*монархист, королдун бийлигин жактоочу адам*).

**РОЯЛИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **роялизм**-*ге*, **роялист**-*ке т.*; роялисттик.

**РОЯ'ЛЬ** *м.* рояль (*клавишалуу музыкалык инструмент*); **игра́ть на роя́ле** роялда ойноо.

**РСДРП** (Российская социа́л-демократи́ческая рабо́чая па́ртия) *ист.* РСДРП (Россиялык Социал-Демократтык Жумушчулар Партиясы).

**РТУ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **ртуть**-*ка т.*; сымаптык; **рту́тная руда́** сымап рудасы; **рту́тные соедине́ния** *хим.* сымаптык кошундулар; **рту́тный термо́метр** сымап термометри; **рту́тное отравле́ние** сымаптан ууланyу, сымаптан уугуу; **рту́тное лече́ние** *мед.* сымап менен дарылоо, сымаптуу дары менен дарылоо; **рту́тная мазь** сымап майы, сымап кошуп жасалган май.

**РТУТЬ** *ж.* сымап.

**РУБА'КА** *м. разг.* кылычты мыкты чабуучу, канжар менен мыкты саюучу, баатыр киши.

**РУБА'НОК** *м.* чоң сүргү (*тактай сүргүч*).

**РУБА'ХА** *ж.* көйнөк; ◇ **руба́ха-па́рень** *разг.* ачык-айрым, ак көңүл жигит.

**РУБА'ШЕЧНЫЙ,** -ая, -ое **рубашка**-*га т.*; **көйнөктүк**, көйнөккө жарай турган; **руба́шечная ткань** көйнөктүк кездеме.

**РУБА'ШКА** *ж.* 1. (*одежда*) көйнөк; **ве́рхняя руба́шка** сырт көйнөк; **ни́жняя руба́шка** ич көйнөк; **шёлковая руба́шка** жибек көйнөк; 2. (*у карт*) картанын арка жагы; 3. (*оболочка*) сырткы кабык, каканак; 4. *полигр.* (*суперобложка*) китепти ороп турган сырты; ◇ **роди́ться в руба́шке** жолдуу болуу, ак жолтой болуу, бакыттуу болуу; **оста́ться в одно́й руба́шке** *разг.* бүлүнүп, эч нерсеси жок калуу, абдан жакыр болуп калуу; **смири́тельная руба́шка** *см.* **смири́тельный.**

**РУБЕ'Ж** *м.* 1. (*граница*) чек ара, чек; **есте́ственный рубе́ж** табигый чек ара, табигый чек; **охраня́ть рубежи́** чек араларды коргоо; 2. (*полоса местности*) чек; **оборони́тельный рубе́ж** *воен.* коргоо чеги; 3. *перен.* (*предел, грань*) чек ара, чет, чек; **на рубеже́ двух эпо́х** эки доордун чек арасында.

**РУБЕ'ЛЬ** *м.* рубель (*кир таптоо, тери иштетүү үчүн колдонулуучу идирек тактай*).

**РУБЕРО'ИД** *м. тех.* руберойд (*картон кагаздан жасалган, көбүнчө үй жабуу үчүн колдонула турган материал*).

**РУБЕРО'ЙДОВЫЙ,** -ая, -ое **руберойд**-*го т.*; **рубeróйдовый заво́д** руберойд өндүрүүчү (жасай турган) завод.

**РУБЕ'Ц** I *м.* 1. (*шов*) тигиш кыры, жик; 2. (*от заживающей раны*) тырык, тыртык, так (*айыгып келаткан жаранын орду*).

**РУБЕ'Ц** II *м.* 1. *анат.* жумур; 2. (*кушанье*) рубец (*ушул жумурдан жасалган тамак*).

**РУБИ'ДИЙ** *м. хим.* рубидий (*күмүштөй ак түстүү металл*).

**РУБИКО'Н** *м.*: **Рубико́н перейдён** *перен.* Рубикон өтүлдү (*болору болду, артка чегинүү жок*).

**РУБИ'ЛЬНИК** *м. эл.* рубильник (*электр тогун токтотуу, узүү үчүн жасалган жылдырма калакча*).

**РУБИ'Н** *м. мин.* лаал (*кызыл түстөгү асыл таш*).

**РУБИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое 1. **рубин**-*ге т.*; **руби́новые се́рьги** лаал иймек (*лаал чөгөргөн иймек*); 2. (*тёмно-красный*) кочкул кызыл; **руби́новый цвет** кочкул кызыл түс.

**РУБИ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* кесүү, уруп кесүү, чаап кесүү, жаруу, чабуу, кыюу, кыя чабуу, чаап тууроо, тууроо; **руби́ть дере́вья** жыгачты кесүү, бакты кесүү; **руби́ть дрова́** отун жаруу; **руби́ть капу́сту** капустаны тууроо; **руби́ть са́блей** кылыч менен чабуу; 2. *что* (*строить деревянное здание*) жыгачтан үй жасоо (куруу, салуу); **руби́ть избу́** жыгачтан үй жасоо; ◇ **лес ру́бят — ще́пки летя́т** *посл.* кагылышта кан өлөт; **руби́ть с плеча́** алды-артын карабастан, шарта-шурт кыла салуу.

**РУБИ'ТЬСЯ** *несов.* чабышуу (*кылыч же ай балта менен*).

**РУ'БИЩЕ** *ср.* самсаалаган кийим, тамтыгы жок кийим.

**РУ'БКА** I *ж.* 1. кесүү, жаруу, чабуу, кыюу, кыя чабуу, чаап майдалоо, тууроо; **ру́бка ле́са** токойду кесүү; 2. *стр.* салуу, жасоо (*мис. жыгач үйдү*).

**РУ'БКА** II *ж. мор.* рубка (*кеменин палубасында жана дирижаблде командирдин башкаруусуна ыңтайлуу болуу үчүн бөлүнүп коюлган бөлмөчө*); **шту́рманская ру́бка** штурман рубкасы.

**РУБЛЁВКА** *ж. разг.* бир сомдук акча, бир сом.

**РУБЛЁВЫЙ,** -ая, -ое **рубль**-*ге т.*; бир сомдук; **рублёвый биле́т** бир сомдук билет.

**РУ'БЛЕНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*нарубленный*) чабылып туралган; **ру́бленое мя́со** чабылып тууралган эт; 2. (*бревенчатый*) жумуру жыгачтан жасалган; **ру́бленая изба́** жыгач үй (*жумуру жыгачтан жасалган үй*).

**РУБЛЬ** *м.* сом, бир сом; **цена́ де́сять рубле́й** баасы он сом.

**РУ'БРИКА** *ж.* рубрика (1. *бир нерсенин, мис. аңгеменин башы*; 2. *бөлүк, графа*).

**РУБЦЕВА'НИЕ** *ср.* бүтүү, бүтүш (*жаранын бүтүшү*).

**РУБЦЕВА'ТЬСЯ** *несов.* бүтүү.

**РУ'БЧАТЫЙ,** -ая, -ое жол-жол болгон кыры бар, чий баркыт сыяктуу; **ру́бчатая ткань** жол-жол болгон кыры бар кездеме.

**РУ'БЧИК** *м.* 1. *уменьш. от* **рубе́ц** I; 2. (*на материи*) жол-жол кыры бар; **вельве́т в ру́бчик** чий баркыт.

**РУ'ГАНЬ** *ж.* тилдешүү, тилдөө.

**РУГА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тилдеген, жемелеген; **руга́тельные слова́** тилдеген сөздөр.

**РУГА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* тилдөө, жаман сөз.

**РУГА'ТЬ** *несов. кого-что* тилдөө, сөгүү (*бранить*); жактырбоо (*порицать*).

**РУГА'ТЬСЯ** *несов.* тилдөө, тилдешүү (*браниться*); айтышуу (*пререкаться*); урушуу (*ссориться*).

**РУГНУ'ТЬ** *однокр. кого-что, разг.* тилдөө (*бир жолу тилдеп токтоп калуу*).

**РУГНУ'ТЬСЯ** *однокр. разг.* тилдөө (*бир жолу*).

**РУГНЯ'** *ж. см.* **руготня́.**

**РУГОТНЯ'** *ж. разг.* тилдөө.

**РУДА'** *ж.* руда, кен; **желе́зная руда́** темир рудасы, темир кени; **ме́дная руда́** жез рудасы, жез кени.

**РУДИМЕ'НТ** *м.* 1. *биол.* рудимент (*организмдин өспөй калган же чала өскөн калдыгы*); 2. *перен.* (*пережиток*) калдык, саркынды.

**РУДИМЕНТА'РНЫЙ,** -ая, -ое **рудимент**-*ке т.*; рудименттик.

**РУДНИ'К** *м.* рудник, кен чыга турган жер (*пайдалуу кендерди казып алуу үчүн жасалган жер астындагы курулуштар системасы*); **ме́дные рудники́** жез рудниктери, жез чыга турган жер.

**РУДНИКО'ВЫЙ,** -ая, -ое *см.* **рудни́чный.**

**РУДНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **рудник**-*ке т.*

**РУ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **руда**-*га т.*

**РУДОКО'П** *м.* рудокоп, кен казуучу, кенчи.

**РУДОКО'ПНЫЙ,** -ая, -ое **рудокоп**-*ко т.*; **рудоко́пный инструме́нт** руда казуучу инструмент, кен казуучу инструмент.

www.bizdin.kg

**РУДОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое рудалуу, рудасы бар, кендүү, кени бар; рудоно́сный пласт рудалуу катмар, кендүү катмар.

**РУДОУПРАВЛЕ'НИЕ** *ср.* рудоуправление, кен башкармасы.

**РУЖЕ'ЙНИК** *м.* мылтык жасоочу уста, мылтык жасоочу цехтин жумушчусу.

**РУЖЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое ружьё-*го т.*; руже́йное ма́сло мылтык майы; руже́йный ма́стер мылтык устасы; руже́йная охо́та мергенчилик (*мылтык менен уу кылуу*).

**РУЖЬЁ** *ср.* мылтык; двуство́льное ружьё кош ооз мылтык, коштук; ◇ призва́ть под ружьё согуштук кызматка (аскер кызматына) чакыруу; быть под ружьём куралданып даяр туруу, согушка даяр туруу.

**РУИ'НЫ** *мн.* (*ед.* руи́на *ж.*) уранды (*эски имараттын, үйдүн урандысы*).

**РУКА'** *ж.* **1.** кол; кисть руки́ кол манжасы; пра́вая рука́ 1) оң кол; 2) *перен.* оң кол (*негизги жардамчы*); ле́вая рука́ сол кол; подня́ть ру́ку 1) кол көтөрүү; 2) *на кого-л., перен.* бирөөгө кол көтөрүү, кол салуу; опусти́ть ру́ки колду түшүрүү; протяну́ть *кому-л.* ру́ку *бирөөгө* колун сунуу; пожа́ть *чью-л.* ру́ку, пожа́ть *кому-л.* ру́ку *бирөөнүн* колун кысуу, кыса кармоо; маха́ть рука́ми кол булгоо; нагре́ть ру́ки *разг.* 1) колду жылытуу; 2) *перен.* үкүнүн уясын *же* май чукур табуу (*бир иштин айланасында жымкырып, кытып дүнүйө табуу*); развяза́ть ру́ки *кому-л.* 1) *бирөөнүн* колун чечип бошотуу; 2) *перен. бирөөнүн* колун бош коюу, эркине коё берүү; связа́ть ру́ки 1) колдорун байлоо; 2) *перен.* эркине коё бербөө, тыюу салуу, эркин аракет кылууга жол бербөө; умы́ть ру́ки 1) колун жуу; 2) *перен.* жоопкерчиликти өзүнөн алып таштоо, тим болуу; держа́ть в рука́х 1) кармап туруу, колунда кармап туруу; 2) *перен.* (*быть строгим с кем-л.*) *бирөөнү* катуу кармоо, *бирөө менен* катуу мамиледе болуу; держа́ть за́ руку колунан кармоо; держа́ть ребёнка на рука́х баланы колдо көтөрүп туруу, баланы колго алып туруу; идти́ *с кем-л.* по́д руку *бирөө менен* колтуктaшып басуу; взять *кого-л.* по́д руку *бирөөнү* колтуктоо, колтуктап алуу; вести́ *кого-л.* по́д руку *бирөөнү* колтуктап алып баруу; с ору́жием в рука́х колго курал алып; рука́ми не тро́гать! колуң менен кармаба!, кол тийгизбе!; ру́ки вверх! (*команда*) көтөр колуңду!, колуңду көтөр!; **2.** *чаще мн., перен.* (*мастерство, умение*) кол (*мыкты иштөө, чебердик жөнүндө*); золоты́е ру́ки колунан көөр төгүлөт; у него́ уме́лые ру́ки анын колунан баары келет (*ал ар нерсени жакшы иштей алат*); де́ло в о́пытных рука́х иш тажрыйбалуу кишинин колунда; **3.** (*почерк, подпись*) кол, жазуу; у него́ неразбо́рчивая рука́ анын жазуусу ачык эмес, анын колун окуу кыйын; э́то не моя́ рука́ бул менин колум эмес; **4.** (*сторона*) кол, кол жак, жак; по пра́вую ру́ку оң колдо, оң жакта, оң кол жакта; **5.** *разг.* (*протекция*) колдогону; ◇ проси́ть *чьей-л.* руки́ *бирөөнү* «мага аял бол» деп суроо; отда́ть *кому-л.* ру́ку *бирөөгө* аялы болууга макулдугун берүү; перепи́сывать от руки́ колдон көчүрүп жазуу; рука́ о́б руку кол кармашып, ынтымак менен, ынтымакташып; переда́ть из рук в ру́ки колдон колго берүү; рука́ ру́ку мо́ет *погов.* сай-сайга куят, бай-байга куят; своя́ рука́ влады́ка *погов.* өз колуңда болгон соң..., өзү билип турган соң...; рука́ не дро́гнет жүрөгү даайт, колу барат; ру́ки не дохо́дят (*до чего-л.*) *разг.* кол бошобойт, кол тийбейт; ру́ки опуска́ются иштөөгө кол барбайт, иштөөгө эч көңүл жок; ру́ки чёшутся (*у кого-л.*) 1) кол кычышат; 2) *с неопр., разг.* урушкусу келип турат; ру́ки коро́тки *разг.* колу кыска (*колунан келбейт, күчү жетпейт*); ру́ки прочь! тарт колуңду!; сре́дней руки́ орточо, чакан; сиде́ть сложа́ ру́ки колду куушуруп бекер отуруу, эч нерсе иштебөө; не поклада́я рук жан аябай, тынбай; э́то де́ло его́ рук бул ошонун колунан келди, бул ишти ал кылган, бул ал колдуу болгон; руко́й пода́ть (*куда-л., откуда-л.*) эң эле жакын, ээктин алдында; как руко́й сня́ло *разг.* кол менен алып таштагандай; даю́ ру́ку на отсече́ние *разг.* кулагымды кесип берейин; держа́ть *чью-л.* ру́ку *бирөөнүн* жагында (тарабында) болуу; наби́ть себе́ ру́ку *на чём-л. бир нерсеге* колду маш кылуу, колду үйрөтүү, машыгуу; протяну́ть ру́ку по́мощи жардам кылуу; приложи́ть ру́ку *к чему-л.* бир ишке катышуу, кийлигишүү, жардамдашуу, жардам кылуу; наложи́ть ру́ку *на что-л. бир нерсени* ээлеп алуу, *бир нерсени* басып алуу; наложи́ть на себя́ ру́ки өз жанын кыюу (*өзүн өзү өлтүрүү*); лома́ть ру́ки лябай кайгыруу, кан ыйлоо; чужи́ми рука́ми жар загреба́ть *погов.* бирөөнүн колу менен чок шилөө; быть как без рук (*без кого-чего-л.*) колдон ажырагандай болуу, жардамсыз калуу; сон в ру́ку *разг.* түшүң кабыл келсин, түш келсин; дава́ть во́лю рука́м *разг.* колго эрк берүү (*муштоо, сабоо*), мушташуу; ухвати́ться обе́ими рука́ми за *что-л.* 1) *бир нерсеге* эки колу менен тең жармашуу; 2) *перен. бир ишке* жан-дили менен киришүү, *бир нерседен* жан-дили менен пайдалануу; взять себя́ в ру́ки өзүн өзү колго алуу; отда́ть в хоро́шие ру́ки *кого-что-л.* ишенимдүү кишиге берүү, ишенимдүү колго берүү; быть в хоро́ших рука́х жакшы, иш билги, акылдуу адамдын жетекчилиги астында болуу; попа́сть в плохи́е ру́ки ишенимсиз, калпычы, жаман адамга туш келүү; побыва́ть во мно́гих рука́х көп колдордо болуу, колдон колго өтүү (*мис.: акча, китеп ж. б.*); быть в *чьих-л.* рука́х *бирөөнүн* колунда болуу, *бирөөдөн* көз каранды болуу; игра́ть в четы́ре руки́ роялда эки кишилеп ойноо; из рук вон пло́хо эң эле жаман, өтө жаман; всё из рук ва́лится көңүл чаппай калып, колдон эч нерсе келбей жатат; эч нерсени иштегиси келбейт, мейли чаппайт; иштесе да, арбыбайт; вы́пустить из рук колдон чыгарып жиберүү (*мис. демилгени, учурду ж. б.*); узна́ть из пе́рвых рук биринчи булактан (*маалыматтан*) билүү; прибра́ть к рука́м *что-л. бир нерсени* колго алып алуу, ээлеп алуу; на ско́рую ру́ку бат эле ары-бери кылып бүтүрө салуу; э́то ему́ на́ руку бул ага жага бербей калат, бул анын чырагына май тамызат; он на́ руку нечи́ст *разг.* анын колунун туткагы бар, колу туткактуу, колу кармаак; вы́дать на́ руки *кому-л. что-л.* өз колуна берүү, өзүнө тапшыруу; ма́стер на все ру́ки баары колунан келген уста, колунан бардык нерсе келген, бардык иш колунан келген; докуме́нты (бума́ги *и т. п.*) на рука́х документтер (кагаз *ж. б.*) колдо; быть на рука́х *у кого-л. бирөөнүн* багуусунда болуу; име́ть на рука́х *кого-л. бирөөнү* багып туруу; носи́ть *кого-л.* на рука́х *бирөөнү* үстү-астына түшүп, алпештеп алып жүрүү; алаканына салып алпештөө; умере́ть на рука́х *у кого-л. бирөөнүн* колунда өлүү; отби́ться от рук *разг.* такыр тил албай өз билгенин кылуу, моюн бербей коюу, колдон чыгып кетүү, билгенин кылуу; быть по руке́ (*о перчатках*) колго туура келүү (*мээлей*); дать по рука́м сокку берүү; быть свя́занным по рука́м и нога́м колу-буту байлангандай эч убактысы болбоо, эркин жүрүүгө мүмкүнчүлүгү жок болуу; уда́рить по рука́м «макулбуз» деп кол алышуу; ходи́ть по рука́м (*о книге*) колдон колго өтүү, бирөөдөн бирөөгө таралуу (*китеп жөнүндө*); под пья́ную ру́ку *разг.* мас кезде, мастык менен; попа́сть по́д руку учурга туура келип калуу; быть не с руки́ *кому-л.* ыңгайсыз, ылайыксыз, орунсуз; сойти́ с рук *кому-л.* күнөөлүү болуп туруп, жазасыз кутулуп кетүү; тебе́ э́то с рук не сойдёт мындан сен жазасыз кутула албайсың; сбыть с рук *кого-что-л. бир нерседен же бирөөдөн* эптеп кутулуу; с рук (*купить*) колдон (*сатып алуу, магазинден эмес*); верну́ться с пусты́ми рука́ми куру кол кайтуу; большо́й руки́ негодя́й *разг.* барып турган митаам; с рук доло́й колдон чыкты—бүттү; с ва́шей лёгкой руки́ *разг.* колуңуз жеңил болду; ак жолтой, берекелүү колуңуз менен; тяжёлая рука́ жолу жок кол, жолу кара кол, ийгиликсиз кол; го́лыми рука́ми брать оңой эле алуу, оп-оңой алуу.

**РУКА'В** *м.* **1.** (*одежды*) жең; пла́тье с дли́нными рукава́ми узун жеңдүү көйнөк; **2.** *геогр.* айрык; рука́в реки́

www.bizdin.kg

суунун айрыгы, өзөндүн айрыгы; 3. *тех.* (*шланг*) түтүк; **пожарный рукав** өрт өчүрүүчү машинанын түтүгү; ◇ **работать спустя рукава** шалакылык, иләэндилик менен иштөө; **приняться за дело засучив рукава** шымаланып ишке киришүү; жеңди түрүп салып, бардык күчү менен ишке киришүү.

**РУКАВИ'ЦА** *ж.* мээлей, колкап, туюк мээлей, туюк колкап; **кожаные рукавицы** тери мээлей; ◇ **держать кого-л. в ежовых рукавицах** *погов.* *бирөөнү* тырс эттирбей катуу кармоо, катаалдык менен тутуу.

**РУКА'ВЧИК** *м.* 1. *уменьш.-ласк.* *от* **рукав** кичине жең; 2. (*нарукавник, манжета*) жеңдин учуна коюлган манжета.

**РУКОБИ'ТЬЕ** *ср. уст. разг.* бир нерсени сатып алганда, сатуучу менен сатып алуучунун «бар, береке тап» деп кол чабышканы, кол кармашканы.

**РУКОВОДИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. (*вождь, глава*) жетекчи, жол башчы; **руководители партии и правительства** партия менен өкмөттүн жетекчилери; 2. жетекчи; **руководитель учреждения** мекеменин жетекчиси; **классный руководитель** класс жетекчиси; **руководитель кружка** кружоктун жетекчиси.

**РУКОВОДИ'ТЬ** *несов. кем-чем* 1. (*направлять, быть во главе*) жетекчилик кылуу, жол башчылык кылуу; **руководить рабочим движением** жумушчу кыймылына жетекчилик кылуу; 2. (*управлять, заведовать*) башкаруу, жетекчилик кылуу; **руководить учреждением** мекемени башкаруу.

**РУКОВОДИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *чем* колдонмо кылып алуу; 2. *страд. к* **руководить**.

**РУКОВО'ДСТВО** *ср.* 1. жетекчилик, жетекчилик кылуу, башкаруу; **оперативное руководство** оперативдүү жетекчилик; **под руководством** жетекчилик астында; 2. *собир.* (*руководители*) жетекчилер; **новое руководство** жаңы жетекчилер; 3. (*пособие, инструкция*) колдонмо.

**РУКОВО'ДСТВОВАТЬСЯ** *несов.* колдонмо кылып алуу.

**РУКОВОДЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **руководить**; 2. *прил.* жетекчи; **руководящая роль партии** партиянын жетекчи ролу; **руководящие органы** жетекчи органдар, жетекчилик кылуучу органдар; **руководящий состав** жетекчи состав, жетекчилик кылуучу состав.

**РУКОДЕ'ЛИЕ** *ср.* 1. (*ручной труд*) сайма, оймо, токуу өңдүү иштер; чеберчилик; 2. (*изделие*) колдон жасалган сайма, оймо сыяктуу буюмдар.

**РУКОДЕ'ЛЬНИЦА** *ж.* чебер, уз (*сайма, оймо, токуу иштеген аял, кыз*).

**РУКОДЕ'ЛЬНИЧАТЬ** *несов.* чебердик кылуу (*саймачылык, оймочулук, токуучулук кылуу*).

**РУКОМО'ЙНИК** *м.* аптама, аптаба, кол жууй турган идиш.

**РУКОПА'ШНАЯ** *ж.* койгулашуу, салгылашуу, найзалашуу.

**РУКОПА'ШНЫЙ,** -ая, -ое: **рукопашный бой** *см.* **рукопашная**.

**РУКОПИ'СНЫЙ,** -ая, -ое 1. **рукопись**-*ке т.*; **рукописный отдел библиотеки** китепкананын кол жазмалар бөлүмү; 2. (*написанный от руки*) колдон жазылган; **рукописный текст** колдон жазылган текст.

**РУ'КОПИСЬ** *ж.* кол жазма.

**РУКОПЛЕСКА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кол чабуу, алакан чабуу; 2. *чаще мн.* (*аплодисменты*) кол чабуулар.

**РУКОПЛЕСКА'ТЬ** *несов.* кол чабуу, алакан чабуу.

**РУКОПОЖА'ТИЕ** *ср.* кол кармашуу, кол алышуу, кол кысышуу; **обменяться рукопожатиями** кол кысышып учурашуу.

**РУКОПРИКЛА'ДСТВО** *ср.* 1. *разг.* (*нанесение побоев*) уруу, муштоо; 2. *уст.* (*собственноручная подпись*) өз колун коюу, бармак басуу.

**РУКОЯ'ТКА** *ж.* сап, тутка; **рукоятка молотка** балканын сабы.

**РУКОЯ'ТЬ** *ж. см.* **рукоятка**.

**РУЛА'ДА** *ж. муз.* рулада (*ылдам жана ыксыз кооздотуп, тырсылдатып чалган күү*).

**РУЛЕВО'Й,** -ая, -ое 1. **руль**-*га т.*; **рулевое колесо** руль дөңгөлөгү; **рулевое управление** руль менен башкаруу; 2. *в знач. сущ. м.* рулевой (*рулду башкаруучу адам*).

**РУЛЕ'Т** *м.* рулет (1. *сөөгүн алып таштап сүйрү кылып куурулган эт*; 2. *кондитердик тамактардын бир түрү*; 3. *сөөгү алынып ташталган сан эти*).

**РУЛЕ'ТКА** *ж.* рулетка (1. *тех. узундукту өлчөө үчүн колдонулуучу тасма*; 2. *кумар оюнунун бир түрү*).

**РУЛИ'ТЬ** *несов.* 1. (*поворачивать руль*) рулду буруу; 2. *ав.* самолётту жердин үстү менен айдоо (*о лётчике*); самолёттун жердин үстү менен жүрүп (жүгүрүп) баратышы (*о самолёте*).

**РУЛО'Н** *м.* рулон (*түрүлгөн кагаз, клеёнка ж. б.*).

**РУЛО'ННЫЙ,** -ая, -ое **рулон**-*го т.*; **рулонная бумага** рулон кагаз.

**РУЛЬ** *м.* 1. руль; **править рулём** *или* **сидеть за рулём** *или* **быть на руле** рулду башкаруу, рулда отуруу, рулда болуу; 2. *перен.* руль; **руль государственного управления** мамлекетти башкаруунун рулу; ◇ **без руля и без ветрил** айкын-ачык багыты жок, айкын-ачык багытсыз.

**РУМБ** *м. мор., геод.* румб (*горизонттун* $^1/_{32}$ *ине тең келген, компастын бетиндеги бөлүктөр*).

**РУМЫ'Н** *м.* румын.

**РУМЫ'НКА** *женск. р. к* **румын**; румынка.

**РУМЫ'НСКИЙ,** -ая, -ое **румын**-*га т.*; **румынский язык** румын тили; **румынская литература** румын адабияты.

**РУМЫ'НЫ** *мн.* румындар.

**РУМЯ'НА** *только мн.* эндик (*бет кызарткыч боёк*); **покрыть щёки румянами** бетке эндик сыйпоо, жагуу.

**РУМЯ'НЕЦ** *м.* беттин кызылы.

**РУМЯ'НИТЬ** *несов. кого-что* 1. (*покрывать румянцем*) кызартуу; **мороз румянит щёки** суук бетти кызартат; 2. (*покрывать румянами*) эндик сыйпоо, эндик жагуу; **румянить лицо** бетке эндик сыйпоо, бетке эндик жагуу.

**РУМЯ'НИТЬСЯ** *несов.* 1. (*покрываться румянцем*) кызаруу; 2. кызаруу, боёнуу, эндик сыйпануу, эндик жагынуу; 3. (*поджариваться*) кызаруу, кызарып бышуу; **пирог начал румяниться** пирог кызарып келе жатат.

**РУМЯ'НЫЙ,** -ая, -ое кызыл, кызыл тору; **румяные щёки** кызыл бет.

**РУНДУ'К** *м. обл.* чоң жыгач сандык (*дан салуу үчүн жасалган чоң жыгач үкөк*).

**РУНО'** *ср.* жабагы жүн; **овцы с тонким руном** уяң жүндүү койлор.

**РУ'ПИЯ** *ж.* (*денежная единица в Индии*) рупия (*Индиянын акчасынын аты*).

**РУ'ПОР** *м.* 1. рупор (*үндү күчөтүү үчүн жасалган башы кең сурнай*); **говорить в рупор** рупор менен сүйлөө; 2. *перен.* рупор, жарыячы, жарчы (*бирөөлөрдүн идеясын, оюн, пикирин таратуучу*).

**РУСА'К** *м.* (*заяц*) сур коён.

**РУСА'ЛКА** *ж. фольк.* суу периси (*элдин ишениминде — узун чачтуу, балык куйруктуу, сууда жашоочу аял*).

**РУСА'ЛОЧИЙ,** -ья, -ье **русалка**-*га т.*; ◇ **русалочий взгляд** адамды өзүнө тарткан, бирок мээримсиз көз караш.

**РУ'СЛО** *ср.* 1. сай, нук, суунун сайы, суунун нугу; 2. *перен.* багыт; **жизнь вошла в нормальное русло** турмуш кадимки багытына кирди.

**РУ'ССКАЯ** I *женск. р. к* **русский** I.

**РУ'ССКАЯ** II *ж.* (*пляска*) орус бийи; **плясать русскую** орус бийин бийлөө, орусча бийлөө.

**РУ'ССКИЕ** *мн.* орустар.

**РУ'ССКИЙ** I *м.* орус.

**РУ'ССКИЙ** II, -ая, -ое орус; **русский народ** орус эли; **русский язык** орус тили; **русская литература** орус адабияты.

www.bizdin.kg

**РУ'СЫЙ**, -ая, -ое сары, саргыл, ак саргыл; **ру́сые во́лосы** сары чач; **ру́сая борода́** сары сакал; **ру́сая де́вушка** ак саргыл кыз.

**РУ'ТА** *ж. бот.* адырашман.

**РУТЕ'НИЙ** *м. хим.* рутений (*платиналык рудаларда кезигүүчү саргыч металл*).

**РУТИ'НА** *ж.* эскичилик.

**РУТИНЁР** *м.* эскичил, байыркынын үрп-адаттарын жактоочу, жаңылыкты сезбеген киши.

**РУТИНЁРСКИЙ**, -ая, -ое **рутинёр**-*го т.*

**РУТИ'ННЫЙ**, -ая, -ое **рутина**-*га т.*

**РУ'ХЛЯДЬ** *ж. разг.* ыпыр-сыпыр, эски-уску, көр-жер.

**РУ'ХНУТЬ** *сов.* 1. (*обвалиться*) жыгылуу, кулоо; **стена́ ру́хнула** дубал жыгылды; 2. *перен.* кыйроо, бузулуу, болбой калуу, ордунан чыкпоо, талкалануу; **наде́жды ру́хнули** ишенич болбой калды, ишенич ордунан чыкпай калды.

**РУ'ХНУТЬСЯ** *сов. разг. см.* **ру́хнуть.**

**РУЧА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* кепилдик, милдетин алуу; **с руча́тельством за успе́х** «ийгиликтүү болот» деп милдетин алуу; **часы́ с руча́тельством на два го́да** «эки жылга чейин бузулбайт» деген кепилдиги бар саат.

**РУЧА'ТЬСЯ** *несов. за кого-что* кепилин алуу, кепил болуу, милдетин алуу; **руча́юсь, что он вы́полнит до сро́ка** ал мөөнөтүнөн мурун бүтүрөрүнө кепил боло аламын.

**РУЧЕЁК** *м. уменьш. от* **руче́й** булакча, кичине суу.

**РУЧЕ'Й** *м.* (*мн.* **ручьи́**) суу (*көп чоң эмес суу*); **журча́ние ручья́** суунун шылдыраганы; ◇ **слёзы бры́знули ручьём** көз жашы он талаа болуп агып кетти; **реве́ть в три ручья́** көзүнүн жашын көлдөтүп өкүрүп-бакырып ыйлоо.

**РУ'ЧКА** *ж.* 1. *уменьш.-ласк. от* **рука́** кичинекей кол; **де́тские ру́чки** баланын колу; 2. (*рукоятка и т. п.*) тутка, кармагыч, сап; **ру́чка две́ри** эшиктин туткасы; **ру́чка ножа́** бычактын сабы; **ру́чка чемода́на** чемодандын туткасы; **ру́чка портфе́ля** портфелдин кармагычы; 3. (*для письма*) калем, калем сап.

**РУЧНО'Й** I, -а́я, -о́е **рука** 1-*ге т.*; **ручны́е часы́** кол саат; **ручно́е полоте́нце** кол сүртө турган сүлгү; ◇ **ручна́я прода́жа** 1) көтөрүп сатуу; 2) (*в аптеке*) дарыны рецептсиз сатуу.

**РУЧНО'Й** II, -а́я, -о́е (*прирученный*) колго үйрөнгөн, колго үйрөтүлгөн; **ручно́й медве́дь** колго үйрөнгөн аюу.

**РУ'ШИТЬ** *несов. что* 1. (*валить*) кыйратуу, уратуу, бузуу; **ру́шить сте́ны** дубалды бузуу; 2. (*сдирая шелуху, очищать*) актоо, күйшөө; **ру́шить рис** шалы актоо; **ру́шить про́со** тарую актоо.

**РУ'ШИТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* (*валиться*) кыйроо, талкалануу, уроо, бузулуу; 2. *сов. и несов., перен.* (*не осуществиться*) кыйрап калуу, ишке ашпай калуу; 3. *несов. страд. к* **ру́шить.**

**РЫ'БА** *ж.* балык; **све́жая ры́ба** жаңы балык; **солёная ры́ба** туздалган балык; **копчёная ры́ба** сүрсүтүп ышталган балык; **вя́леная ры́ба** күнгө кактап кургатылган балык; **бога́тый ры́бой** (*об озере и т. п.*) балыкка бай, балыгы көп (*көл ж. б. жөнүндө*); **уди́ть ры́бу** кайырмак салып, балык кармоо; ◇ **ни ры́ба ни мя́со** *разг.* балык да эмес, эт да эмес; **чу́вствовать себя́ как ры́ба в воде́** эң жайлуу, эң оңтойлуу, жанга тынч, өзүн эркин сезүү; **лови́ть ры́бу в му́тной воде́** *погов.* ылайлуу суудан балык кармоо (*учурдан өз мүдөөсү үчүн пайдалануу*); **би́ться как ры́ба об лёд** *погов.* эмне кыларын билбей айласы кетүү.

**РЫБА'К** *м.* балыкчы; ◇ **рыба́к рыбака́ ви́дит издалека́** *посл.* балыкчы балыкчыны алыстан көрөт; эки кырчаңгы бир токойдо жолугат.

**РЫБА'ЦКИЙ**, -ая, -ое **рыбак**-*ка т.*; **рыба́цкий колхо́з** балыкчы колхоз.

**РЫБА'ЧИЙ**, -ья, -ье **рыбак**-*ка т.*; **рыба́чьи се́ти** балыкчынын тору; **рыба́чья ло́дка** балыкчынын кайыгы.

**РЫБА'ЧИТЬ** *несов.* балык уулоо, балык кармоо.

**РЫБА'ЧКА** 1. *женск. р. к* **рыба́к**; 2. *ж.* (*жена рыбака*) балыкчынын аялы.

**РЫБЕ'Ц** *м.* рыбец (*балыктын бир түрү*).

**РЫБЁШКА** *ж. разг. пренебр.* чабак, майда балык, **ме́лкая рыбёшка** эң майда балык, чабак.

**РЫ'БИЙ**, -ья, -ье **рыба**-*га т.*; **ры́бий жир** балык майы; **ры́бий клей** балык желими; **ры́бья чешуя́** балыктын кабырчыгы; ◇ **ры́бьи глаза́** балык көз, нурсуз көз.

**РЫ'БИНА** *ж. разг.* бир балык, бир чоң балык.

**РЫ'БКА** *ж. уменьш.-ласк. от* **ры́ба.**

**РЫ'БНИК** *м.* 1. (*торговец рыбой*) балык сатуучу, балык менен соода кылуучу; 2. (*рабочий рыбных промыслов*) балык промыселинде иштөөчү жумушчу.

**РЫ'БНЫЙ**, -ая, -ое 1. **рыба**-*га т.*; **ры́бная ло́вля** балык кармоо; **ры́бная промы́шленность** балык өнөр жайы; **ры́бная торго́вля** балык сатуу, балык соодасы; **ры́бные бога́тства СССР** СССРдин балык байлыктары; **ры́бный суп** балык сорпосу; **ры́бные консе́рвы** балык консервасы; 2. (*обильный рыбой*) балыктуу, балыкка бай, балыгы көп; **ры́бное о́зеро** балыктуу көл, балыгы көп көл.

**РЫБО**- *татаал сөздүн биринчи бөлүгү; бул—балык кармоо, уулоо, балык өрчүтүү, түздөө-тазалоо маанисинде колдонулат; мис.*: **рыбозаво́д** балык заводу; **рыбопроду́кты** балык продуктылары.

**РЫБОВО'Д** *м.* балык өстүрүүчү специалист.

**РЫБОВО'ДНЫЙ**, -ая, -ое балык өстүрүүчү; **рыбово́дный заво́д** балык өстүрүүчү завод.

**РЫБОВО'ДСТВО** *ср.* балык өстүрүүчүлүк.

**РЫБОВО'ДЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **рыбоводство**-*го т.*; **рыбово́дческое хозя́йство** балык өстүрүү чарбасы, балык өстүрүүчү чарба.

**РЫБОЗАВО'Д** *м.* балык заводу.

**РЫБОКОМБИНА'Т** *м.* балык комбинаты.

**РЫБОКОНСЕ'РВНЫЙ**, -ая, -ое балык консервасын чыгара турган; **рыбоконсе́рвный комбина́т** балык консервасын чыгара турган комбинат.

**РЫБОКОПТИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое балык ыштай турган.

**РЫБОКОПТИ'ЛЬНЯ** *ж.* балык ыштай турган жай, балык ыштай турган ишкана.

**РЫБОЛО'В** *м.* балык уулоочу, кайырмак салуучу.

**РЫБОЛОВЕ'ЦКИЙ**, -ая, -ое балык кармай турган; **рыболове́цкий колхо́з** балык кармай турган колхоз; **рыболове́цкий флот** балык кармай турган флот.

**РЫБОЛО'ВНЫЙ**, -ая, -ое **рыболовство**-*го т.*; **рыболо́вные сна́сти** балык кармоого керектүү шаймандар, аспаптар.

**РЫБОЛО'ВСТВО** *ср.* балыкчылык, балык уулоочулук, балык кармоочулук.

**РЫБОПРОДУ'КТЫ** *только мн.* балык продуктылары.

**РЫБОПРОМЫСЛО'ВЫЙ**, -ая, -ое: **рыбопромысло́вая арте́ль** балык кармай турган артель.

**РЫБОПРОМЫ'ШЛЕННЫЙ**, -ая, -ое: **рыбопромы́шленный райо́н** балык кармоочу жана андан ар түрдүү продуктыларды иштеп чыгаруучу район.

**РЫБОРАЗВЕДЕ'НИЕ** *ср.* балык өстүрүүчүлүк.

**РЫБОРАЗДЕ'ЛОЧНЫЙ**, -ая, -ое: **рыборазде́лочные станки́-автома́ты** балыкты тазалоочу жана аны кесип-кесип бөлүктөргө бөлө турган автомат станоктор.

**РЫБОТОВА'РЫ** *только мн.* балык товарлар (*сатууга арналган түрдүү балык, балыктан жасалган тамактар*).

**РЫБОТОРГО'ВЛЯ** *ж.* балык соодасы.

**РЫБОХО'Д** *м. тех.* балык өтүү үчүн плотинада жасалган жол.

**РЫБОЯ'ДНЫЙ**, -ая, -ое балык жей турган; **рыбоя́дные живо́тные** балык жей турган айбандар.

**РЫВКА'МИ** *нареч.* жулкунуп, жулкуп, булкунуп, булкуп.

www.bizdin.kg

**РЫВО'К** *м.* 1. жулкунуу, булт берүү, булкунуу; **рывок вперёд** илгери карай жулкунуу; 2. *спорт.* рывок (*сордукту колу менен башынан өөдө көтөрүү же бир жулкуу менен токтоосуз көкүрөгүнө жеткирүү*).

**РЫГА'ТЬ** *несов.* кекирүү.

**РЫГНУ'ТЬ** *однокр.* кекирүү (*бир жолу*).

**РЫДА'НИЕ** *ср.* өксөп ыйлоо, боздоп ыйлоо; **разразиться рыданиями** боздоп ыйлап жиберүү.

**РЫДА'ТЬ** *несов.* өксөп ыйлоо, боздоп ыйлоо.

**РЫЖЕБОРО'ДЫЙ** сары сакал, сары сакалдуу, жээрде сакал.

**РЫЖЕВА'ТЫЙ**, -ая, -ое сары сымал, сарыраак, жээрде сымал, жээрдерээк.

**РЫЖЕВОЛО'СЫЙ**, -ая, -ое сары чач, сары чачтуу.

**РЫЖЕ'ТЬ** *несов.* саргаюу, саргыч тартуу.

**РЫЖЕШЁРСТЫЙ**, -ая, -ое сары жүндүү, жүнү сары.

**РЫ'ЖИЙ**, -ая, -ее 1. сары (*о волосах*); жээрде (*о масти лошади*); 2. (*выцветший*) оңуп кеткен, оңуп калган; **рыжая шляпа** оңуп кеткен калпак.

**РЫ'ЖИК** *м.* (*гриб*) рыжик (*тамак болуучу козу карындын бир түрү*).

**РЫК** *м.* айкырык; **львиный рык** арстандын айкырыгы.

**РЫКА'НИЕ** *ср.* айкыруу.

**РЫКА'ТЬ** *несов.* айкыруу (*айбандар жөнүндө*).

**РЫ'ЛО** *ср.* 1. (*у свиньи*) тумшук (*чочконун тумшугу*); 2. *груб.* (*лицо*) түрү суук (*кишинин бети*).

**РЫ'ЛЬЦЕ** *ср.* 1. *уменьш. от* **рыло** 1 тумшук (*чочконун тумшугу*); 2. *бот.* рыльце, чаң алгыч (*гүлдүн чаң алгыч мүчөсү*); ◇ **рыльце в пуху** *разг.* оозу кандуу (*жаман иштен куру эмес, четте калбаган*).

**РЫ'НОК** *м.* 1. базар; **колхозный рынок** колхоз базары; 2. *эк.* рынок; **внешний рынок** сырткы рынок; **внутренний рынок** ички рынок; **рынок сбыта** сатуу рыногу; **мировые рынки** дүйнөлүк рыноктор.

**РЫ'НОЧНЫЙ**, -ая, -ое **рынок**-*ко т.*; **рыночная площадь** базар аянты; **рыночная цена** базар баасы.

**РЫСА'К** *м.* таскактуу ат, таскагы бар ат.

**РЫ'СИЙ**, -ья, -ье **рысь** II-*ге т.*

**РЫСИ'СТЫЙ**, -ая, -ое таскактуу, таскагы күчтүү; **рысистая лошадь** таскактуу ат.

**РЫ'СКАТЬ** *несов. разг.* 1. жойлоо, жойлоп жүрүү; 2. *разг.* (*искать*) издөө, оодаруу, аңтаруу; **рыскать по карманам** чөнтөктөрдү аңтаруу.

**РЫСЦА'** *ж.* майда таскак, бүлкүлдөк желиш; **лошадь бежит рысцой** ат майда таскак менен келатат.

**РЫСЬ** I *ж.* (*аллюр*) таскак; **крупная рысь** катуу таскак.

**РЫСЬ** II *ж. зоол.* сүлөөсүн.

**РЫ'СЬЮ** *нареч.* 1. (*об аллюре*) таскактатып, таскак менен, **пустить лошадь рысью** атты таскактатуу; 2. *разг.* (*очень быстро*) өтө тез, буту жерге тийбей; **он пустился бежать рысью** ал өтө тез жүгүрдү.

**РЫ'ТВИНА** *ж.* дөңгөлөктүн чуңкурайткан изи, казындысы.

**РЫТЬ** *несов. что* казуу; **рыть яму** чуңкур казуу, аң казуу; **рыть окопы** окоп казуу; ◇ **рыть яму** *кому-л.* бирөөгө чуңкур казуу, бирөөгө аң казуу.

**РЫТЬЁ** *ср.* казуу; **рытьё колодца** кудук казуу.

**РЫ'ТЬСЯ** *несов. в чём* 1. казылуу; 2. казгылоо, чукулоо; **рыться в земле** жерди казгылоо, жерди чукулоо; 3. *перен.* издөө, оодаруу, аңтаруу, аңтарып издөө; **рыться в карманах** чөнтөктү аңтарып издөө.

**РЫХЛЕ'НИЕ** *ср.* бошотуу, копшутуу, жумшартуу (*мис. жерди, топуракты*).

**РЫХЛИ'ТЕЛЬ** *м. с.-х.* жерди жумшарта турган машина.

**РЫХЛИ'ТЬ** *несов. что* бошотуу, копшутуу, жумшартуу; **рыхлить землю** топуракты бошотуу, жерди жумшартуу.

**РЫ'ХЛОСТЬ** *ж.* 1. боштук, жумшактык, борпоңдук; **рыхлость почвы** топурактын борпоңдугу; 2. *перен.* (*дряблость*) борпоңдук, көпшөктүк.

**РЫ'ХЛЫЙ**, -ая, -ое 1. бош, борпоң; **рыхлая земля** борпоң жер, борпоң топурак; **рыхлый кирпич** бош кирпич, борпоң кирпич; 2. *перен.* (*дряблый*) көпшөк, борпоң; **рыхлое тело** көпшөк дене; **рыхлый человек** борпоң киши.

**РЫ'ЦАРСКИЙ**, -ая, -ое **рыцарь**-*га т.*; рыцардык; **рыцарское вооружение** рыцардык курал-жарак; **рыцарский роман** *лит.* рыцардык роман (*орто кылымдагы рыцарлардын ийгиликтерин жазган романдар*); **рыцарский поступок** рыцардык иш (*жан-дилин аябаган иш*).

**РЫ'ЦАРСТВО** *ср.* 1. *собир. ист.* (*рыцари*) рыцарлар; 2. рыцардык (*Батыш Европадагы орто кылым доорундагы жоокер-дворян сословиеси*); 3. рыцарь наамы; 4. *перен.* (*самоотверженность, великодушие*) рыцардык (*эр көкүрөктүк, айкөлдүк, ак ниеттик, жан-дилин аябагандык*).

**РЫ'ЦАРЬ** *м.* 1. *ист.* рыцарь (*феодалдык Европада — согуштук-дворяндык сословиеге жатуучу киши*); 2. *перен.* (*самоотверженный, благородный человек*) рыцарь (*эр көкүрөк, айкөл, ак ниет, жан-дилин аябаган киши*); ◇ **рыцарь печального образа** кайгылуу образдын рыцары (*Сервантестин белгилүү романынын герою — Дон Кихот*).

**РЫЧА'Г** *м.* 1. рычаг (*таяныч точкасын айланып, аз күчтүн жардамы менен көп күчтү теңдештире турган жасалга*); **система рычагов** рычагдар системасы; **поднять рычагом** рычаг менен көтөрүү; 2. *перен.* рычаг (*бир нерсени аракетке, кыймылга келтирүүчү түрткү, чара, каражат*).

**РЫЧАЖО'К** *м. уменьш. от* **рычаг** 1 кичинекей рычаг.

**РЫЧА'НИЕ** *ср.* ыркыроо, ырылдоо, бакыруу, айкыруу.

**РЫЧА'ТЬ** *несов.* ыркыроо, ырылдоо, бакыруу, айкыруу; **собаки рычат** иттер ырылдайт; **лев рычит** арстан ыркырайт, арстан бакырат.

**рыщу, рыщешь** *и т. д. наст. вр. от* **рыскать.**

**РЬЯ'НО** *нареч.* демилге көрсөтүп, кызыгуу менен киришип, тырышып, кайрат менен.

**РЬЯ'НОСТЬ** *ж.* ынтаалуулук, демилгелүүлүк, тырышчаактык, кайраттуулук.

**РЬЯ'НЫЙ**, -ая, -ое ынтаалуу, демилгелүү, тырышчаак, кайраттуу.

**РЮКЗА'К** *м.* рюкзак (*ийинге салып, аркага асынып жүрүүчү боолуу мешок*).

**РЮ'МКА** *ж.* рюмка (*ичкилик же дары иче турган кичинекей стакан*).

**РЮ'ХИ** *мн.* (*ед.* **рюха** *ж.*) *обл.* рюха (*городки сыяктуу оюндун бир түрү*); **играть в рюхи** рюха ойноо.

**РЯБИ'НА** I *ж.* 1. (*дерево*) четин (*четиндин жыгачы*); 2. (*ягода*) четиндин ашы.

**РЯБИ'НА** II *ж. разг.* (*от оспы*) чаар (*чечектен*); **лицо с рябинами** чаар бет.

**РЯБИ'НКА** I *ж. уменьш. от* **рябина** I четин.

**РЯБИ'НКА** II *ж. уменьш. от* **рябина** II чаар; **рябинка от оспы** чечектен болгон бир аз чаар.

**РЯБИ'ННИК** *м.* четин бадал.

**РЯБИ'НОВКА** *ж.* рябиновка (*четиндин ашына ачытылган арак*).

**РЯБИ'НОВЫЙ**, -ая, -ое **рябина** I-*ге т.*; **рябиновая настойка** четиндин ашынын настойкасы.

**РЯБИ'ТЬ** *несов.* 1. *что* тармалдантуу, бадырайтуу, бадыр-бадыр кылуу; **ветер рябит воду** шамал суунун бетин бадыр-бадыр кылып жатат; 2. *безл.* жыбыроо, жыбыр-жыбыр этүү, ымыр-чымыр болуу; **у меня в глазах рябит** менин көзүмдүн алды жыбырап кетти, менин көзүмдүн алды жыбыр-жыбыр этип кетти.

**РЯБО'Й**, -ая, -ое 1. (*имеющий рябины*) чаар; 2. (*с пятнами*) ала, чаар ала; **рябой телёнок** чаар ала музоо.

**РЯ'БЧИК** *м.* рябчик (*кара кур тукумуна жатуучу токой илбээсиндин бир түрү*).

**РЯБЬ** *ж.* 1. (*на воде*) жыбыр, бадыр; **озеро подёрнулось рябью** көл бетин жыбыр толкун каптады; 2. (*ощущение*) жыбыроо, жыбыр-жыбыр этүү; **рябь в глазах** көздүн алды жыбыр-жыбыр этүү.

www.bizdin.kg

**РЯ'ВКАТЬ** *несов. см.* **ря́вкнуть.**

**РЯ'ВКНУТЬ** *однокр. разг.* акыруу, корсулдоо, үтүрөңдөп айкыруу, корс этүү.

**РЯД** *м.* **1.** катар, тизмек, кырка тизмек; **сту́лья в два ряда́** эки катар коюлган стулдар (орундуктар); **2.** (*шеренга*) катар; **постро́иться в ряды́** катарга тизилүү; **ряды́ вздвой!** (*команда*) эки катар бол!; **3.** бир канча, бир нече, бир далай; **ряд поколе́ний** бир нече тукум, бир нече муун; **ряд веко́в** бир канча кылым; **4.** (*значительное число*) бир канча, бир нече, бир катар, бир кыйла; **ряд ви́дных учёных** көрүнүктүү окумуштуулардын бир канчасы; **5. ряды́** *мн.* (*состав, среда*) катар; **в ряда́х а́рмии** армиянын катарында; **6.** (*ларьки, магазины*) катар; **овощно́й ряд** жашылчалар сатуучу дүкөндөрдүн, ларёктордун катары; **торго́вые ряды́** соода катарлары; ◇ **в ряду́** арасында, ичинде; **в ря́де** бир катар, бир канча, бир далай; **в пе́рвых ряда́х** алдыңкы катарда, баарынын алдында; **из ря́да вон выходя́щий** башкалардан таптакыр өзгөчө, башкаларга таптакыр окшобогон, чыгаан, көрүнүктүү, укмуш, укмуштуу.

**РЯДИ'ТЬ** I *несов. кого-что, разг.* кийинтүү.

**РЯДИ'ТЬ** II *несов.*: **суди́ть и ряди́ть** *уст.* көп сүйлөө жана көпкө чейин талкуулоо.

**РЯДИ'ТЬСЯ** I *несов. разг.* **1.** (*наряжаться*) жасануу, кийинүү, жасанып кийинүү, кооздонуу; **2.** (*в маскарадный костюм*) укмуштуу болуп кийинүү (*маскарадда*).

**РЯДИ'ТЬСЯ** II *несов. уст.* (*уговариваться, торговаться*) соодалашуу.

**РЯДКО'М** *нареч. разг.* жанында, катарында.

**РЯДОВО'Й** I, -а́я, -о́е **1.** (*обычный*) катардагы, кадыресе; **рядово́й рабо́тник** катардагы кызматкер; **2.** *воен.* рядовой (*командирлер составына кирбеген, жөнөкөй аскер*); **3.** *в знач. сущ. м. воен.* рядовой.

**РЯДОВО'Й** II, -а́я, -о́е *с.-х.* катардап; **рядово́й сев** катардап себүү, катардап эгүү; **рядова́я се́ялка** катардап себуучу сеялка.

**РЯ'ДОМ** *нареч.* **1.** (*один подле другого*) катар, жанаша; **сесть ря́дом** *с кем-л.* *бирөө менен* катар отуруу; **2.** (*по соседству, около*) жанында, катарында; **он живёт ря́дом с на́ми** ал биздин жаныбызда турат; ◇ **сплошь да ря́дом** *разг.* көбүнчө, көп убакытта.

**РЯДЫ'** *мн. см.* **ряд** 5.

**РЯ'ДЫШКОМ** *нареч. разг. см.* **ря́дом.**

**РЯ'ЖЕНЫЙ**, -ая, -ое **1.** маскарад киймин кийинген, **2.** *в знач. сущ. м., ж.* маскарад киймин кийген киши.

**ряжу́** I, **ряди́шь** *и т. д. наст. вр. от* **ряди́ть** I.

**ряжу́** II, **ряди́шь** *и т. д. наст. вр. от* **ряди́ть** II.

**ряжу́сь** I, **ряди́шься** *и т. д. наст. вр. от* **ряди́ться** I.

**ряжу́сь** II, **ряди́шься** *и т. д. наст. вр. от* **ряди́ться** II.

**РЯ'СА** *ж.* ряса (*поп кие турган узун чапан*).

**РЯ'СКА** *ж. бот.* суу котур (*майда жалбырактары суунун бетинде калкып турган балырдын бир түрү*).

# С

**С (СО)** *предлог* **1.** *с род. п.* (*на вопрос «откуда»*) =дан; **убра́ть посу́ду со стола́** идиш-аякты столдон жыйнап алуу; **упа́сть с ле́стницы** шатыдан жыгылып кетүү; **спусти́ться с горы́** тоодон түшүү; **прийти́ с рабо́ты** жумуштан келүү; **верну́ться с войны́** согуштан кайтуу; **прыжо́к с самолёта** самолёттон секирүү; **они́ подъе́хали со стороны́ ле́са** алар токой жактан келишти; **2.** *с род. п.* (*при обозначении лица, предмета, явления, с которого начинается, возникает что-л.*) =дан, =ган; **напа́сть на врага́ с тыла** душманга тылдан кол салуу; **спор начался́ с пустяко́в** талаш-тартыш болор-болбос нерседен башталды; **3.** *с род. п.* (*при обозначении начального момента какого-л. действия или события и в сочетаниях «с... до...»*) =дан, =дан тартып эле, =дан бери; **с де́тства** бала кезден бери; **он за́нят с са́мого утра́** анын таң эртеңден бери колу бош эмес; **с пе́рвых же дней** биринчи күндөрдөн тартып эле; **пригото́вить с ве́чера** кечтен тартып эле даярдап коюу; **с утра́ до но́чи** эртеден кечке чейин; **4.** *с род. п.* (*при обозначении местоположения, местонахождения предмета или лица*) =дан, =да; **говори́ть речь с трибу́ны** трибунада туруп сөз сүйлөө; **с э́того ме́ста я всё хорошо́ услы́шу** ушул жерден мен баарын жакшы угамын; **наблюда́ть за хо́дом бо́я с высоты́** уруштун кандай жүрүп жатканын бийиктен байкап туруу; **5.** *с род. п.* (*при обозначении предмета или лица, от которого требуется или отнимается что-л.*) =дан; **получи́ть де́ньги** *с кого-л. бирөөдөн* акча алуу; **сда́ча с одного́ рубля́** бир сомдон кайтарып алуу (*бир нече тыйын кайтарып алуу*); **6.** *с род. п.* (*при обозначении предмета, являющегося оригиналом, образцом, единицей счёта*) =дан, =ын; **брать приме́р** *с кого-л. бирөөдөн* үлгү алуу; **перевести́ с кирги́зского** кыргызчадан которуу; **писа́ть портре́т** *с кого-л. бирөөнүн* портретин жазуу (тартуу, салуу); **7.** *с род. п.* (*на основании чего-л., следуя чему-л.*) менен, боюнча, ылайык, негизинде; **с разреше́ния нача́льника** начальниктин уруксаты менен; **с ва́шего согла́сия** сиздин макулдугуңуз боюнча; **8.** *с род. п.* (*по причине чего-л., по случаю чего-л.*) себеп болуп, =ып, =дан, менен; **уста́ть с доро́ги** жол жүрүп чарчоо; **сказа́ть со зло́сти** жини келип айтуу; **с го́ря** кайгы себеп болуп, капалыктан; **9.** *с род. п.* (*при помощи чего-л., посредством чего-л.*) менен баштап, =ып; **писа́ть с большо́й бу́квы** чоң тамга менен баштап жазуу; **взять с бо́ю** согушуп жатып алуу; **10.** *с род. п.* (*при указании на достаточность чего-л. для кого-л.*) =га, үчүн; **дово́льно с тебя́** сен үчүн ушул эле жетишет; **хва́тит с вас** сизге ушу да жетиштүү; **11.** *с вин. п.* (*приблизительно, почти*) =дай, =ча, чакты, =чалык; **здесь придётся жить с ме́сяц** мында бир айча туруга туура келет; **собрало́сь челове́к с де́сять** он чакты киши чогулду; **он ро́стом с тебя́** анын бою сендей; **12.** *с твор. п.* (*указывает на совместность, связь, сопутствование кому-чему-л., наличие чего-л. в чём-л., обладание чем-л.*) менен, =луу; **я иду́ с тобо́й** мен сени менен барамын; **хочу́ повида́ть отца́ с ма́терью** атам менен энемди көргүм келет; **челове́к с тала́нтом** таланттуу адам, таланты бар адам; **пиро́г с капу́стой** капуста салынган пирог; **хлеб с ма́слом** май сыйпаган нан; **13.** *с твор. п.* (*при посредстве кого-чего-л.*) менен, аркылуу, =га; **посла́ть с курье́ром** курьер менен жиберүү, курьер аркылуу жиберүү; **уе́хать со ско́рым по́ездом** скорый поезд менен кетүү, скорый поездге түшүп кетүү; **14.** *с твор. п.* (*указывает на лицо или предмет, на которое распространяется действие, состояние*) =га; **поспеши́ть с отъе́здом** кетүүгө шашуу; **что ста́ло с ним?** ага эмне болгон?, ага эмне болуп калган?; **15.** *с твор. п.* (*при наступлении чего-л.*) сайын, менен бирге; **с года́ми взгля́ды меня́ются** жыл өткөн сайын көз караш өзгөрө берет; ◇ **со дня на́ день** бүгүн-эртеңден; **он мо́жет прие́хать со дня на́ день** ал бүгүн-эртеңден келип калышы мүмкүн; **с мину́ты на мину́ту** мына-мына... деп.

**С=** (**СО=, СЪ=**) *приставка, бул мына муну белгилейт:* 1) *ар түрдүү жактан келип, бир жерге чогулуу, жыйноо, жыйналуу; мис.:* **связа́ть** чогултуп байлоо, боолоо, байланыштыруу; **созва́ть** чакырып бир жерге жыйноо; 2) *жогорудан төмөнгө карата болгон кыймыл; мис.:* **спры́гнуть** секирип түшүү; **сбро́сить** таштоо, жогорудан төмөн таштоо; 3) *кандайдыр бир жерден, бир нерсенин үстүнөн бир нерсени алып таштоо, шыпырып таштоо, кесип таштоо*

www.bizdin.kg

*ж.б.*; *мис.*: **скосить** чабуу (*чалгы менен, машина менен*); **срезать** кесип алуу, кесип таштоо.

**СААʹМ** *м.* саам.

**СААʹМИ** *м. и ж. см.* **саамы.**

**СААʹМКА** *женск. р. к* **саам**; саамка.

**СААʹМСКИЙ,** -ая, -ое **саам**-*га т.*; **саамский язык** саам тили.

**СААʹМЫ** *мн.* саамдар (*негизинен СССРдин түндүк жагында жашоочу эл*).

**САБАʹН** *м. с.-х. уст.* сабан (*жөнөкөй, соконун бир түрү*).

**САʹБЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **сабля**-*га т.*; **сабельный удар** кылыч менен чабуу.

**САʹБЛЯ** *ж.* кылыч; ◇ **отряд в сто сабель** жүз атчан аскерден турган отряд.

**САБОТАʹЖ** *м.* саботаж (*иштемиш болуп, чындыгында жакшылап иштебей, ишти үзгүлтүккө учуратуу*).

**САБОТАʹЖНИК** *м.* саботажник, саботажчы (*саботаж жасоочу адам*).

**САБОТАʹЖНИЧАТЬ** *несов. разг. см.* **саботировать.**

**САБОТИʹРОВАНИЕ** *ср.* саботаждык, саботаждык кылуу, саботаж жасоо.

**САБОТИʹРОВАТЬ** *сов. и несов. что* саботаждык кылуу, саботаж жасоо.

**САʹВАН** *м.* **1.** кепин; **2.** *перен. поэт.* (*покров*) кепин; **снежный саван покрыл землю** жерди аппак кар кепини каптады.

**САВАʹННА** *ж. геогр.* саванна (*сейрек бадалдуу жана жыгачтары жапыз болгон тропиктик талаа*).

**САВРАʹСЫЙ,** -ая, -ое (*о масти лошадей*) кула; **саврасая лошадь** кула ат.

**САʹГА** *ж. лит.* сага (*поэтикалык жомок; сүрөттөп, кооздоп айтылган же жазылган аңгеме*).

**САГИТИʹРОВАТЬ** *сов. кого-что, разг.* агитациялап көндүрүү, үгүттөп көндүрүү.

**САГИТТАʹЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **сагиттальный разрез головы** *анат.* башты оң жана сол жакка тең жара бөлүү.

**САʹГО** *ср.* саго (**1.** *кээ бир пальма жыгачтарынын өзөгүнөн жасалуучу, крахмалдуу акшак*; **2.** *картошка крахмалынан жасалган акшак*).

**САʹГОВЫЙ,** -ая, -ое **саго**-*го т.*; **саговые пальмы** саго пальмалары (*өзөгүндөгү крахмалдан акшак жасалуучу жыгач*); **саговая крупа** саго акшагы (крупасы); **саговая каша** саго боткосу.

**САД** *м.* бак; **фруктовый сад** жемиш багы; **ботанический сад** ботаникалык бак (*өсүмдүктөрдүн айрыкча сортторун өстүрүүчү илимий жай*); **зоологический сад** зоологиялык бак (*айбанаттарды изилдөөчү жана көрсөтүүчү жай*); ◇ **детский сад** балдар бакчасы.

**САДИʹЗМ** *м.* садизм (**1.** *мед. жыныстык жагынан жакындашууда бузулуунун бир түрү*; **2.** *перен. бирөөнү кемсинтип, кыйнап кордоо менен ыракатка батуучулук*).

**САʹДИК** *м. уменьш. от* **сад** бакча, кичине бак.

**САДИʹСТ** *м.* садист (*садизмге берилип кеткен адам*).

**САДИʹСТКА** *женск. р. к* **садист**; садистка.

**САДИʹСТСКИЙ,** -ая, -ое **садист**-*ке т.*; садисттик; **садистские наклонности** садисттик кылык-жоруктар.

**САДИʹТЬ** *несов. разг. см.* **сажать** 1, 2.

**САДИʹТЬСЯ** I *несов. см.* **сесть** I.

**САДИʹТЬСЯ** II *несов. см.* **сесть** II.

**САʹДНИТЬ** *несов. безл.* кычышуу, ачышуу, дуулдап ачышуу, сыздоо; **в горле саднит** тамак кычышат.

**САДОʹВНИК** *м.* бакчы, багбан.

**САДОʹВНИЦА** *женск. р. к* **садовник.**

**САДОВОʹД** *м.* бакчы (*бак өстүрүү боюнча специалист*).

**САДОВОʹДСТВО** *ср.* **1.** (*разведение садов*) бак өстүрүүчүлүк, бакчылык; **2.** (*садоводческое хозяйство*) бак өстүрүү чарбасы.

**САДОВОʹДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **садоводство**-*го т.*; **садоводческое хозяйство** бак өстүрүү чарбасы.

**САДОʹВЫЙ,** -ая, -ое **сад**-*га т.*; **садовые деревья** бакта өсүүчү жыгачтар; **садовая калитка** бактын эшиги; **садовая малина** бактын ичинде өсүүчү дан куурай (бээ эмчек); ◇ **голова садовая** *разг. бран.* саман баш (*аңкоо, ачык ооз*).

**САДОʹК** *м.* **1.** (*для разведения животных и птиц*) садок (*кроликтер, малдар жана тоок, каз, өрдөк сыяктуу канаттуулар туруучу жана алар багылуучу орун, үй*); **кроличий садок** кролик садогу, кроликкана; **2.** (*судно*) садок (*тирүү балыктарды салып жүрө турган көлмөсү бар кеме, дарыя кемеси*); **3.** (*ловушка для зверей*) кармагыч (*аң кармагыч: капкан, тор ж. б.*); **волчий садок** карышкыр кармагыч.

**САʹЖА** *ж.* көө, ыш; **весь в саже** бүт көө болгон; ◇ **как дела? — Дела — как сажа бела** иш кандай?— Иш куржун (көмүрдөй ак).

**САЖАʹТЬ** *несов.* **1.** *что* (*растения*) тигүү, отургузуу, себүү; **сажать огурцы** бадыраң тигүү; **сажать цветы** гүл тигүү, гүл отургузуу; **2.** *кого* (*усаживать*) отургузуу, киргизүү; **сажать гостей за стол** конокторду столго отургузуу; **сажать пассажиров в вагон** пассажирлерди вагонго киргизүү; **3.** *кого* (*заставить что-л. делать*) мажбур кылуу; **сажать** *кого-л.* **за работу** *бирөөнү* иштөөгө мажбур кылуу; **4.** *кого* (*помещать*) камоо, отургузуу; **сажать в тюрьму** түрмөгө отургузуу, түрмөгө камоо; **сажать птицу в клетку** кушту капаска камоо; **5.** *что* (*ставить в печь*) салуу, коюу; **сажать хлебы в печь** нанды мешке салуу.

**САʹЖЕНЕЦ** *м.* **1.** (*пересаженное растение*) көчөт (*өсүмдүктөрдүн көчөтү*); **2.** (*растение, выросшее не из семян*) отургулма, тигилме (*уруктан эмес, тамырынан чыккан өсүмдүк, мис. көчөттөн өскөн пияз*).

**САЖЁНКИ** *мн.* (*способ плавания*) кулачтап чабак уруу (*сууга сүзүү*).

**САЖЕʹННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *уст.* (*мерой в сажень*) бир саржанга өлчөө, саржандап ченөө; **2.** *разг.* (*очень большой*) эң чоң, саржандаган; **ходить саженными шагами** эң чоң кадамдап басуу, саржандаган арыш менен жүрүү.

**САЖЁННЫЙ,** -ая, -ое *разг. см.* **саженный.**

**САʹЖЕНЦЕВЫЙ,** -ая, -ое **саженец**-*ке т.*; **саженцевые грядки** көчөт жөөктөрү; **саженцевые деревья** көчөттөн өсүп чыккан жыгачтар.

**САʹЖЕʹНЬ** *ж. уст.* саржан (*2, 134 метрге барабар узундук чени*); ◇ **косая сажень в плечах** кең далылуу (*адам*).

**САЗАʹН** *м.* сазан (*балык*).

**САЗАʹНИЙ,** -ья, -ье **сазан**-*га т.*; **сазанья голова** сазандын башы.

**САЙГАʹ** *ж. зоол.* бөкөн.

**САЙГАʹК** *м. см.* **сайга.**

**САʹЙКА** *ж.* сайка (*буудай унунан жасалган тегерек бөлкө*).

**САК** *м. уст.* **1.** (*вещевая сумка*) калта, капчык, буюм салына турган сумка; **2.** (*род женского пальто*) сак (*аялдар пальтосунун бир түрү*).

**САʹКВА** *ж.* куржун.

**САКВОЯʹЖ** *м.* саквояж (*оозунда беките турган кулпусу бар чоң сумка*).

**САʹКЛЯ** *ж.* сакля (*Кавказдагы тоолуктардын сокмо там үйү*).

**САКМАʹН** *м. с.-х.* сакман (*бир кишиге багуу үчүн бекитилген бир топ козу*).

**САКМАʹНЩИК** *м. с.-х.* сакманчы (*өзүнө бекитилген козуларды багуучу адам*).

**САКРАМЕНТАʹЛЬНЫЙ,** -ая, -ое касиеттүү, ыйык.

**САКСАУʹЛ** *м.* сексеөл.

**САКСОФОʹН** *м. муз.* саксофон (*үйлөмө музыкалык инструменттин бир түрү*).

**САЛАʹЗКИ** *только мн.* **1.** (*маленькие санки*) кол чана, ит чана; **кататься на салазках** кол чанага түшүп тамаша

www.bizdin.kg

кылуу; 2. *тех.* салазки (*машиналардын кыймылдагыч, ары-бери жүрүп туруучу тетиги*).

**САЛА'КА** *ж.* салака (*майда балык, сельдинин бир түрү*).

**САЛА'КУШКА** *ж. см.* **салáка.**

**САЛАМА'НДРА** *ж.* саламандра (*кескелдирик сыяктуу сууда жана кургакта жашоочу куйруктуулар түркүмү*).

**САЛА'Т** *м.* 1. (*растение*) салат (*тамакка салынуучу, огород өсүмдүктөрүнүн жалбырагы*); 2. (*приправа, кушанье*) салат (*тууралган жашылчаларга жумуртка, кээде эт же балык кошуп жасалган муздак тамак*).

**САЛА'ТНИК** *м.* салатник; *см.* **салáтница.**

**САЛА'ТНИЦА** *ж.* салатница (*салат салууга арналган, кенен, көп терең эмес тарелка*).

**САЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое 1. **салат**-*ка т.*; **салáтные лúстья** салат жалбырактары; **салáтная вúлка** салат вилкасы; 2. (*о цвете*) жашыл сымал түс.

**САЛИЦИ'ЛКА** *ж. разг.* салицилка; *см.* **салицúловый (салицúловая кислотá).**

**САЛИЦИ'ЛОВЫЙ,** -ая, -ое: **салицúловый натр** *фарм.* салицил натр, салицилдик натр (*денедеги ысыкты төмөндөтүүчү жана ооруган жерди басуучу дары*); **салицúловая кислотá** *хим.* салицилдик кислота (*медицинада жана техникада колдонула турган кислота; бул кислота өсүмдүктөн же фенолдон өндүрүлөт*).

**СА'ЛО** *ср.* 1. май; **топлёное сáло** сызгырылган май; 2. (*кусочки льда на воде перед ледоставом*) агын суу тоңоор алдында суу үстүндө калкыган муз.

**САЛО'Л** *м. фарм.* салол (*ичек-карынды жана табарсыкты дарылоо үчүн колдонулуучу дары*).

**САЛО'Н** *м. в разн. знач.* салон, ◇ **вагóн-салóн** *или* **салóн-вагóн** вагон-салон же салон-вагон (*бир бөлүгү купе, экинчи бөлүгү жалпы бөлмө болгон вагон*).

**САЛО'ННЫЙ,** -ая, -ое *уст.* 1. **салон**-*го т.*; салондук; **салóнный разговóр** салондук сөз, салондо болгон сөз; 2. *перен. чаще ирон.* (*аристократический*) салондук, аристократтык, ак сөөктүк; **салóнное воспитáние** салондук (аристократтык, ак сөөктүк) тарбия.

**САЛО'П** *м. уст.* салоп (*аялдын кең пальтосу*); **лúсий салóп** түлкү салоп.

**САЛФЕ'ТКА** *ж.* салфетка (1. *тамак жегенде ооз сүрттүүчү кездемеден же кагаздан жасалган кичинекей майлык*; 2. *кичинекей дасторкон*).

**САЛЬВАРСА'Н** *м. фарм.* сальварсан (*дарынын бир түрү*).

**СА'ЛЬДО** *ср. нескл.* сальдо (*счётту, эсепти жыйынтыктаган кезде кириш менен чыгыштын ортосундагы калдык*).

**СА'ЛЬНИК** *м.* 1. *анат.* бүлкүлдөк; 2. *тех.* сальник (*поршендеги майлагыч нерсе, бул цилиндрден буунун, газдын чыгып кетишин токтотуп туруу үчүн пайдаланылат*).

**СА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*непристойность, циничность*) уятсыздык; 2. (*непристойное выражение*) уят сөз.

**СА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. **сало** [-*ге т.*; **сáльные свéчи** май шам; 2. (*покрытый, запачканный салом*) май жагылган, майланган, майланышкан; 3. (*непристойный*) уят, уят-сыйытсыздык; **сáльный анекдóт** уят анекдот; ◇ **сáльные жéлезы** *анат.* май бездери (*теринин май чыгаруучу бездери*).

**СА'ЛЬТО-МОРТА'ЛЕ** *ср. нескл.* сальто-мортале (1. *акробаттык секирүүнүн бир түрү; мындай секиргенде акробат жерге түшө электе, абада ала салып кетет*; 2. *перен. тобокелдүү иш; тобокелдүү аракет*).

**САЛЮ'Т** *м.* салют.

**САЛЮТОВА'ТЬ** *сов. и несов. кому-чему* салюттоо, салют берүү, салют жасоо.

**САМ** *м. мест. опред.* 1. (*лично*) өз; **он сам э́то сдéлал** муну ал өзү иштеди; **вы сáми знáете** сиз өзүңүз билесиз; **скажúте емý самомý** анын өзүнө айтыңыз; **я сам** мен өзүм; **ты сам** сен өзүң; **он сам** ал өзү; 2. (*своими силами, без помощи*) өз; **он сам спрáвился с рабóтой** ал ишти өзү иштеди, ишке анын өзүнүн күчү жетти; 3. (*именно он, не кто иной как он*) өзү, так эле өзү; **он и сам не знáет** анын өзү да билбейт; **сам дирéктор сдéлал э́то распоряжéние** бул буйрукту директордун өзү берди; 4. *в знач. сущ. м. уст.* (*хозяин, глава*) кожоюн, башчы; **сам приказáл** кожоюн буйрук кылды, кожоюн буюрду; ◇ **сам (самá, самó) собóй** өзүнөн өзү эле, өзүнөн өзү; **всё произошлó самó собóй** баары өзүнөн өзү эле болду; **самó собóй разумéется** *см.* **разумéться; сам не свой** *см.* **свой; он — самá добротá** ал — барып турган ак көңүлдүн өзү.

**САМ-** *обл., төмөндө көрсөтүлгөн маанидеги өзгөрүлбөс сын атоочтун биринчи бөлүгү;* 1) *баланча эсе көп:* **сам-друг** (*вдвое*) эки эсе; **пшенúца уродúлась тóлько сам-друг** буудайдын түшүмү эки эсе гана көп болду; **урожáй сам-пят** түшүм беш эсе көп; 2) *аракет кылуучу адамды кошуп эсептегенде ошончолук:* **сам-друг** (*вдвоём*) экөөбүз, экөөлөп, экөө бирге, экөөңөр бирге, экөөбүз бирге; **сам-пят** бешөөбүз, бешөөлөп, бешөө бирге, бешөөбүз бирге, бешөөңөр бирге.

**САМА'** *мест. женск. р. к* **сам.**

**САМА'Н** *м.* 1. (*сорт кирпича*) кыш, саман куйган кыш; 2. (*мелконарубленная солома*) топон, майда тууралган саман.

**САМА'ННЫЙ,** -ая, -ое **саман**-*га т.*; **самáнная глúна** кыш куюла турган ылай; **самáнная пострóйка** кыштан жасалган курулуш.

**САМА'НОВЫЙ,** -ая, -ое *см.* **самáнный.**

**СА'МАЯ** *мест. женск. р. к* **сáмый.**

**СА'МБО** *ср. нескл. спорт.* (самозащúта без орýжия) самбо (куралсыз коргонуу).

**САМБУ'К** *м. бот.* самбук; *см.* **бузинá.**

**САМЕ'Ц** *м.* эркек (*жаныбарлардын эркеги*).

**СА'МИ** *мест. опред. мн.* өз; **вы сáми** сиз өзүңүз.

**самúм** *мест.* 1. *твор. п. от* **сам, самó;** 2. *дат. п. от* **сáми.**

**самúми** *мест. твор. п. от* **сáми.**

**самúх** *мест. род., вин. и предл. п. от* **сáми.**

**СА'МКА** *ж.* ургаачы (*жаныбарлардын ургаачысы*).

**САМО'** *мест. ср. р. к* **сам.**

**САМО-** *татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү, бул мына муну белгилейт:* 1) *аракеттин өзү өзүнө багытталгандыкты; мис.:* **самовлюблённый** өзүн өзү сүйгөн; **самовосхвалéние** өзүн өзү мактоо; 2) *башка бирөөнүн жардамысыз эле, эрксизден, өзүнөн өзү, автоматтык түрдө боло турган аракетти; мис.:* **самовозгорáние** өзүнөн өзү күйүү.

**САМОАНА'ЛИЗ** *м.* өзүн өзү анализдөө (*өзүнүн кылган иштерине, жүрүш-турушуна жана башынан өткөргөндөрүнө өзү баа берүү, аларды өзү талдоо, анализдөө*).

**САМОБИЧЕВА'НИЕ** *ср.* 1. *рел.* өзүн өзү кыйноо (*кээ бир динчилдердин өзүн өзү кыйнашы*); 2. *перен.* өзүн өзү жемелөө, өзүн өзү тилдөө.

**САМОБРА'НКА** *ж. фольк.*: **скáтерть-самобрáнка** жайыл дасторкон (*жомоктордо — түрдүү тамак-аш үстүндө өзүнөн өзү жайнап турган дасторкон*).

**САМОБЫ'ТНОСТЬ** *ж.* бирөөнүн таасирисиз болгондук, өзүнчөлүк, өзүнчө бир башкача болуучулук, оригиналдуулук; **самобы́тность твóрчества писáтеля** жазуучунун чыгармачылыгынын өзүнчөлүгү.

**САМОБЫ'ТНЫЙ,** -ая, -ое бирөөнүн таасирисиз болгон, өзүнчө, өзүнчө бир башкача болгон; оригиналдуу; **самобы́тная культýра** өзүнчө бир башкача болгон маданият.

**САМОВА'Р** *м.* самоор; **постáвить самовáр** самоор коюу; **самовáр кипúт** самоор кайнап жатат.

**САМОВА'РНЫЙ,** -ая, -ое **самовар**-*га т.*; **самовáрная трубá** самоор кернейи; **самовáрный кран** самоордун чоргосу.

www.bizdin.kg

**САМОВЛА'СТИЕ** *ср. уст.* чектелбеген бийлик, жеке өзү гана бийлөөчүлүк; **иго самовла́стия** чектелбеген бийликтин эзүүсү.

**САМОВЛА'СТНЫЙ**, -ая, -ое 1. *уст.* жеке өзү гана бийлөөчү; **самовла́стный прави́тель** жеке өзү гана бийлөөчү өкмөт башчысы; 2. *перен.* зордукка (ээн баштыкка) негизделген; **самовла́стное распоряже́ние** ээн баштык менен берилген буйрук.

**САМОВЛЮБЛЁННЫЙ**, -ая, -ое өзүн өзү сүйгөн (*өзүнүн жөндөмдүүлүгүн ашыра баалаган жана өзүнүн кемчиликтерин сезбеген*); **самовлюблённый челове́к** өзүн өзү сүйгөн адам.

**САМОВНУШЕ'НИЕ** *ср.* өзүн өзү ишендирүү.

**САМОВОЗГОРА'ЕМОСТЬ** *ж.* өзүнөн өзү күйүүчүлүк, өзүнөн өзү күйгүчтүк; **самовозгора́емость то́рфа** чым көңдүн өзүнөн өзү күйүүчүлүгү.

**САМОВОЗГОРА'НИЕ** *ср.* өзүнөн өзү күйүү.

**САМОВОЗГОРА'ТЬСЯ** *несов.* өзүнөн өзү күйүү.

**САМОВОЗРАСТА'НИЕ** *ср.* өзүнөн өзү өсүү.

**САМОВО'ЛИЕ** *ср.* өз билгенин кылуучулук, бейбаштык.

**САМОВО'ЛЬНИЧАТЬ** *несов. разг.* өз билгенин кылуу, бейбаштык кылуу.

**САМОВО'ЛЬНО** *нареч.* уруксатсыз, уруксатсыз эле, сурабастан, сурабастан эле; **самово́льно отлучи́ться** уруксатсыз эле кетип калуу, уруксатсыз кетүү.

**САМОВО'ЛЬНОСТЬ** *ж.* өз билгенин кылуучулук, бейбаштык; **самово́льность отлу́чки** уруксатсыз кетип калгандык.

**САМОВО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*не желающий подчиняться*) өз билгенин кылган, бейбаш; **самово́льный ребёнок** өз билгенин кылган бала, бейбаш бала; 2. (*совершаемый без разрешения*) уруксатсыз, уруксатсыз эле, сурабастан, сурабастан эле; **самово́льный ухо́д с рабо́ты** жумуштан (иштен) уруксатсыз эле кетип калуу.

**САМОВОСПИТА'НИЕ** *ср.* өзүн өзү тарбиялоо.

**САМОВОСХВАЛЕ'НИЕ** *ср.* өзүн өзү мактоо.

**САМОВЫГРУЖА'ТЕЛЬ** *м. тех.* самовыгружатель (*жүктү өзүнөн өзү эле автоматтык түрдө түшүрүүчү машина*).

**САМОВЯ'З** *м.* самовяз (*галстуктун бир түрү*).

**са́мого** *мест. род. п. от* **са́мый, са́мое** *и вин. п. от* **са́мый.**

**самого́** *мест. род. и вин. п. от* **сам, само́.**

**САМОГО'Н** *м.* самогон (*колдо тартылган арак*).

**САМОГО'НКА** *ж.* самогонка; *см.* **самого́н.**

**САМОГО'ННЫЙ**, -ая, -ое **самогон**-*го т.*; **самого́нный аппара́т** самогон аппараты (*самогон тартуучу аппарат*).

**САМОГО'НЩИК** *м.* самогончу (*жашырын арак тартуучу киши*).

**САМОДВИЖЕ'НИЕ** *ср. филос.* самодвижение (*ички карама-каршылыктардын күрөшүнүн натыйжасы катарында келип чыккан табияттагы жана коомдогу кыймыл*).

**САМОДВИ'ЖУЩИЙСЯ**, -аяся, -ееся өзү кыймылдоочу, өзү жүрүүчү (*аттын күчү менен эмес, механизмдин күчү менен кыймылдоочу*).

**САМОДЕ'ЙСТВУЮЩИЙ**, -ая, -ее өзү жүрүүчү, өзүнөн өзү кыймылдоочу; **самоде́йствующий затво́р** өзүнөн өзү кыймылдоочу затвор.

**САМОДЕ'ЛКА** *ж. разг.* колдон жасалган нерсе.

**САМОДЕ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое өзү жасаган, колдо жасалган; **самоде́льный радиоприёмник** колдо жасалган радиоприёмник.

**САМОДЕРЖА'ВИЕ** *ср. ист.* самодержавие (*падышанын чектелбеген жеке бийлиги*); **сверже́ние ца́рского самодержа́вия** падышалык самодержавиенин кулатылышы.

**САМОДЕРЖА'ВНЫЙ**, -ая, -ое **самодержавие**-*ге т.*; самодержавиелүү; **самодержа́вная власть** самодержавиелүү бийлик.

**САМОДЕ'РЖЕЦ** *м. ист.* бийлиги чектелбеген, самодержавиелүү монарх.

**САМОДЕ'ЯТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*проявление личного почина*) өз демилгелүүлүк, өз демилгеси менен иштөөчүлүк; **самоде́ятельность наро́дных масс** эл массаларынын өз демилгелүүлүгү; 2. (*художественная*) өздүк көркөм чыгармачылык; **ве́чер самоде́ятельности** өздүк көркөм чыгармачылык кечеси; **худо́жественная самоде́ятельность** өздүк көркөм чыгармачылык.

**САМОДЕ'ЯТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое өз демилгелүү, өз демилгеси менен иштөөчү; **самоде́ятельный драмати́ческий кружо́к** өз демилгеси менен иштөөчү драмалык кружок.

**САМОДИСЦИПЛИ'НА** *ж.* өзүн өзү кармай билүү.

**САМОДОВЛЕ'ЮЩИЙ**, -ая, -ее орчундуу, өзүнчө баалуу, өз алдынча мааниге ээ болуучу; **самодовле́ющая величина́** өзүнчө баалуу чоңдук, орчундуу чоңдук.

**САМОДОВО'ЛЬНО** *нареч.* өзүнө өзү корстон болуу менен, өзүнө өзү корстон болуп, менсингендик менен, менсинип, кокураюу менен, кокурайып; **самодово́льно улыба́ться** өзүнө өзү корстон болуп жылмаңдоо.

**САМОДОВО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое өзүнө өзү корстон болгон, менсинген, кокурайган; **самодово́льные болтуны́** өздөрүнө өздөрү корстон болгон кежиректер.

**САМОДОВО'ЛЬСТВО** *ср. неодобр.* өзүнө өзү корстон болуучулук, менсингендик, кокурайгандык.

**САМОДУ'Р** *м.* оюна келгенди кыла берген.

**САМОДУ'РСТВО** *ср.* оюна келгенди кыла берүүчүлүк.

**САМОДУ'РСТВОВАТЬ** *несов.* оюна келгенди кыла берүү.

**са'мое** *мест. ср. р. им. и вин. п. от* **са́мый.**

**самоё** *мест. вин. п. от* **сама́.**

**САМОЗАБВЕ'НИЕ** *ср.* өзүн өзү унутуу (*абдан толкундануп туруп өзүн өзү унутуп коюу; жалпы жыргал үчүн, эң жогорку таламдар үчүн өзүн, өзүнүн керт башынын таламдарын унутуу*).

**САМОЗАБВЕ'ННО** *нареч.* өзүн өзү унутуп.

**САМОЗАГОТО'ВКА** *ж.* өзүнө өзү даярдоо (*керектөөчүлөрдүн өздөрү, жергиликтүү уюмдар отун, азык-түлүк, сырьё даярдоо*).

**САМОЗАЖИГА'НИЕ** *ср. тех.* өзүнөн өзү тутануу, өзүнөн өзү күйүү.

**САМОЗАЖИГА'ТЕЛЬ** *м. тех.* өзү күйгүзгүч, өзү тутанткыч.

**САМОЗАЖИГА'ЮЩИЙСЯ**, -аяся, -ееся *тех.* өзү күйүүчү, өзүнөн өзү тутануучу.

**САМОЗАРОЖДЕ'НИЕ** *ср. биол.* өзүнөн өзү пайда болуу, өзү пайда болуу (*органикалык эмес материядан жандуу нерсенин өзү пайда болуу*); **антинау́чная тео́рия самозарожде́ния** өзүнөн өзү пайда болуу жөнүндөгү илимге каршы теория.

**САМОЗАРЯ'ДНЫЙ**, -ая, -ое өзүнөн өзү октолуучу; **самозаря́дная винто́вка** өзүнөн өзү октолуучу мылтык.

**САМОЗАЩИ'ТА** *ж.* коргонуу, өзүн өзү коргоо; **гру́ппа самозащи́ты** өзүн өзү коргоо группасы.

**САМОЗВА'НЕЦ** *м.* өзүнө жалган атак берүүчү, бирөөнүн атагы менен жүрүүчү.

**САМОЗВА'НКА** *женск. р. к* **самозва́нец.**

**САМОИЗЛЕЧЕ'НИЕ** *ср. мед.* өзүнөн өзү айыгып кетүү.

**САМОИЗЛУЧЕ'НИЕ** *ср. физ.* өзүнөн өзү шоола чыгаруу.

**САМОИНДУ'КЦИЯ** *ж. физ.* самоиндукция (*проводникте токтун күчү өзгөргөн кезде электр кыймылдаткыч күчү пайда болот, бул күч ал токтун өзгөрүшүнө тоскоолдук кылат*).

**САМОИСТРЕБЛЕ'НИЕ** *ср.* өзүн өзү кыруу, өзүн өзү жок кылуу.

**САМОИСТЯЗА'НИЕ** *ср.* өзүн өзү уруп-согуп кыйноо.

**са́мой** *мест. род., дат., твор. и предл. п. от* **са́мая.**

**само́й** *мест. род., дат., твор. и предл. п. от* **сама́.**

**САМОКА'Т** *м.* 1. *воен.* самокат, велосипед; 2. (*детская игрушка*) самокат.

www.bizdin.kg

**САМОКА'ТНЫЙ**, -ая, -ое **самокат** 1-*ге т.*; **самока́тный батальо́н** самокатчылар батальону.

**САМОКА'ТЧИК** *м. воен.* самокатчы (*велосипед менен жабдылган бөлүктүн согуш кызматкери*).

**САМОКРИ'ТИКА** *ж.* самокритика, өзүн өзү сыноо.

**САМОКРИТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **самокритика**-*га т.*; **самокрити́ческий подхо́д к де́лу** ишке өзүн өзү сыноо менен мамиле кылуу.

**САМОКРИТИ'ЧНО** *нареч.* өзүн өзү сыноо менен, өзүн өзү сынап; **самокрити́чно вскрыть недоста́тки** өзүн өзү сыноо менен кемчиликтерди ашкерелөө.

**САМОКРИТИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое өзүн өзү сынаган; **самокрити́чное выступле́ние** өзүн өзү сынап сүйлөө.

**САМОКРУ'ТКА** *ж. разг.* өзү жасаган папироса.

**САМОЛЁТ** *м.* самолёт; **тра́нспортный самолёт** транспорттук самолёт; **двухмото́рный самолёт** эки мотордуу самолёт; **вое́нный самолёт** согуштук самолёт; ◇ **ковёр-самолёт** *фольк.* учма килем (*жомоктордо айтылуучу, үстүнө отуруп учуп жүрүүгө боло турган кереметтүү килем*).

**САМОЛЕТОВОЖДЕ'НИЕ** *ср.* самолётту алып жүрүү, самолётту учуруу.

**САМОЛЁТО-ВЫ'ЛЕТ** *м.* самолёттун бир рейси, самолёттун бир жолу учуп барышы.

**САМОЛЁТОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* самолёт жасоо, самолёт жасап чыгаруу, самолёт куруу.

**САМОЛЁТОСТРОИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **самолётостроение**-*ге т.*

**САМОЛИ'ЧНО** *нареч.* өзү (*бирөө аркылуу эмес*); **я самоли́чно ви́дел его́** аны мен өзүм көрдүм.

**САМОЛИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое *офиц.* өзүнүн; **самоли́чное прису́тствие** өзүнүн болушу, өзүнүн катышы.

**САМОЛЮБИ'ВЫЙ**, -ая, -ое намыскөй, ызакор; **он о́чень самолюби́в** ал абдан ызакор неме.

**САМОЛЮ'БИЕ** *ср.* намыс, намыскөйлүк, ызакордук; **заде́ть** *чьё-л.* **самолю́бие** *бирөөнүн* намысына тийүү.

**са́мом** *мест. предл. п. от* **са́мый, са́мое** (*предлогдордон кийин колдонулат*).

**само́м** *мест. предл. п. от* **сам, само́** (*предлогдордон кийин колдонулат*).

**САМОМНЕ'НИЕ** *ср.* өзүн жогору көтөрүү, бейил күтүү, бааланую.

**са́мому** *мест. дат. п. от* **са́мый, са́мое.**

**самому́** *мест. дат. п. от* **сам, само́.**

**САМОНАБЛЮДЕ'НИЕ** *ср.* өзүнө өзү байкоо жүргүзүү.

**САМОНАДЕ'ЯННОСТЬ** *ж.* эрдемсинүүчүлүк, кекирейүүчүлүк.

**САМОНАДЕ'ЯННЫЙ**, -ая, -ое эрдемсинген, кекирейген; **самонаде́янный челове́к** кекирейген адам.

**САМООБВИНЕ'НИЕ** *ср.* өзүн өзү айыптоо, өзүн өзү күнөөлөө.

**САМООБЛАДА'НИЕ** *ср.* өзүн өзү токтото билүү, өзүн өзү тута билүү; **сохрани́ть самооблада́ние** өзүн өзү токтото билүү.

**САМООБЛИЧЕ'НИЕ** *ср.* өз айыбын өзү ачуу, өзүн өзү жамандоо.

**САМООБЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* өз ара салык.

**САМООБМА'Н** *м.* өзүн өзү алдоо, өзүн өзү сооротуу.

**САМООБОЛЬЩЕ'НИЕ** *ср.* санаасы менен баюу, кыялый пландар менен өзүн жубатуу.

**САМООБОРО'НА** *ж.* өзүн өзү коргоо, коргонуу.

**САМООБРАЗОВА'НИЕ** *ср.* өзүн өзү маалыматтуу кылуу, өзүнчө окуп билим алуу; **занима́ться самообразова́нием** өзүнчө окуп билим алууга аракет кылуу.

**САМООБРАЗОВА'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **самообразование**-*ге т.*; **самообразова́тельный кружо́к** өзүнчө окуп билим алуу кружогу.

**САМООБСЛУ'ЖИВАНИЕ** *ср.* өзүн өзү тейлөө, өз камын өзү көрүү.

**САМООГРАНИЧЕ'НИЕ** *ср.* өзүн өзү чектөө, өзүн өзү тарта кармоо.

**САМООКА'ПЫВАНИЕ** *ср. воен.* өзүн өзү жашыруу, өзүн өзү калкалоо (*мис. окоп казып*).

**САМООКИСЛЕ'НИЕ** *ср. хим.* өзүнөн өзү кычкылдануу.

**САМООКУПА'ЕМОСТЬ** *ж. эк.* өз чыгымын өзү өтөй алуучулук (*тыштан жардам албастан, өз пайдасы менен өз чыгымын өтөй алуучулук, мис. ишкана*).

**САМООКУПА'ТЬСЯ** *несов. см.* **самоокупи́ться.**

**САМООКУПИ'ТЬСЯ** *сов. эк.* өз чыгымын өзү өтөй алуу.

**САМООПЛОДОТВОРЕ'НИЕ** *ср. биол.* өзү уруктануу, өз ич ара уруктануу.

**САМООПРЕДЕЛЕ'НИЕ** *ср. полит.* өз тагдырын өзү чечүү; **пра́во на́ций на самоопределе́ние** улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу.

**САМООПРЕДЕЛИ'ТЬСЯ** *сов.* тагдырын өзү чечүүгө жетишүү.

**САМООПРЕДЕЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **самоопредели́ться.**

**САМООПЫЛЕ'НИЕ** *ср. бот.* өзү чаңдануу (*өзү уруктануу*).

**САМООТВЕРЖЕ'НИЕ** *ср. см.* **самоотве́рженность.**

**САМООТВЕ'РЖЕННО** *нареч.* өз жанын (өмүрүн) кыйып, өз жанын (өмүрүн) аябай; **самоотве́рженно боро́ться** жан аябай күрөшүү; **самоотве́рженно рабо́тать** жан аябай иштөө.

**САМООТВЕ'РЖЕННОСТЬ** *ж.* өз жанын (өмүрүн) аябоочулук, өз жанын (өмүрүн) кыюучулук, өз жанын аябоочулук.

**САМООТВЕ'РЖЕННЫЙ**, -ая, -ое өз жанын (өмүрүн) аябаган, өз жанын (өмүрүн) кыйган (*жалпы иш, жалпы жыргалчылык үчүн*).

**САМООТВО'Д** *м.* шайлаган кезде өзүнүн кандидатурасына өзү каршы чыгуу.

**САМООТРАВЛЕ'НИЕ** *ср. мед.* өз денесиндеги ууга уугуу.

**САМООТРЕЧЕ'НИЕ** *ср.* керт башынын жыргалчылыгынан биле туруп эле отказ кылуу.

**САМООХРА'НА** *ж.* өзүн өзү коргоо, коргонуу.

**САМООЦЕ'НКА** *ж.* өзүнө өзү баа берүү.

**САМОПА'Л** *м. ист.* милтелүү мылтык.

**САМОПИ'ШУЩИЙ**, -ая, -ее өзү жазуучу, өзү жазгыч, автоматтык түрдө жазуучу; **самопи́шущий прибо́р** өзү жазгыч прибор; ◇ **самопи́шущее перо́** өзү жазуучу калем (*автомат калем*).

**САМОПЛА'ВКИЙ**, -ая, -ое *тех.* оңой эритилүүчү; **самопла́вкая руда́** оңой эритилүүчү руда (кен).

**САМОПОГРУ'ЗЧИК** *м.* самопогрузчик (*өзү жүктөй турган машина*); **тра́кторный самопогру́зчик** трактордук самопогрузчик.

**САМОПОЖЕ'РТВОВАНИЕ** *ср.* өзүн курман кылуу, өзүн өзү курман кылуу.

**САМОПОЗНА'НИЕ** *ср. филос.* өзүн таануу, өзүн өзү таануу (*өзүнүн күчүн, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн, өзүнүн сапатын ж. б. таануу*).

**САМОПОИ'ЛКА** *ж. см.* **автопоилка.**

**САМОПРОВЕ'РКА** *ж.* өзүн өзү текшерүү.

**САМОПРОИЗВО'ЛЬНО** *нареч.* өзүнөн өзү (*сырттан болуучу таасирсиз*).

**САМОПРОИЗВО'ЛЬНОСТЬ** *ж.* өзүнөн өзү болгондук (*тышкы таасир менен эмес*).

**САМОПРОИЗВО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое өзүнөн өзү болгон (*тышкы таасир менен эмес*); **самопроизво́льное движе́ние** өзүнөн өзү болгон кыймыл.

**САМОПРЯ'ЛКА** *ж.* өзү ийиргич (*бут менен кыймылга келүүчү ийиргич*).

**САМОПУ'СК** *м. тех.* самопуск (*кыймылдаткычты кол менен айландырбай эле жүргүзө турган аспап*).

www.bizdin.kg

**САМОРАЗВИ'ТИЕ** *ср.* 1. өзүнүн денесин жана акылын өнүктүрүү (өрчүтүү); 2. *см.* **самодвиже́ние.**

**САМОРАЗГРУЖА'ЮЩИЙСЯ,** -аяся, -ееся жүгүн өзү түшүрүүчү, жүгүнөн өзү бошонуучу.

**САМОРАЗЛОЖЕ'НИЕ** *ср. хим.* өзүнөн өзү бөлүнүү (*химиялык кошундудагы элементтердин өзүнчө бөлүнүшү*).

**САМОРАЗОБЛАЧЕ'НИЕ** *ср.* өзүнүн бетин өзү ачуу, өзүнүн айыбын өзү ачуу.

**САМОРЕГИСТРИ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ее *тех.* өзүнөн өзү регистрациялоочу, өзүнөн өзү каттоочу; **саморегистри́рующий прибо́р** өзүнөн өзү регистрациялоочу прибор.

**САМОРЕГУЛИ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ее өзү жайгаштыруучу, өзү жөнгө салып туруучу.

**САМОРЕКЛА'МА** *ж. неодобр.* өзүн өзү рекламалоо, өз атын өзү чакыруу (*өзүн мактап, элге жарыялоо*).

**САМОРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое таза түрдө табылган (*руда ичинде эмес, таза түрдө, мис. алтын, күмүш*); ◇ **само-ро́дный тала́нт** тубаса талант.

**САМОРО'ДОК** *м.* 1. таза уюган түрдө табылган металл (*көбүнчө — алтын*); 2. *перен. уст.* тубаса таланты күчтүү, бирок маалымат (тарбия) албаган киши.

**САМОСА'Д** *м. разг.* (*табак*) самосад (*өзү айдап, өзү кыйп, үйдө иштелген тамеки*).

**САМОСА'ДКА** *ж.* (*соль*) өзү чөкмө (*туздуу көлдөрдө өзү чөкмө туз*).

**САМОСА'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **самоса́дочная соль** өзү чөкмө туз.

**САМОСБРО'СКА** *ж. с.-х.* самосброска (*чабылган эгинди өзү таштап туруучу оргуч машина*).

**САМОСВА'Л** *м.* самосвал (*жүгүн автоматтуу түрдө түшүрүүчү*); **грузови́к-самосва́л** грузовик-самосвал.

**САМОСЕ'В** *м. с.-х., биол.* кодура (*даны, данеги жерге түшүп, айдалбай, эгилбей эле өсүмдүктүн өнүп чыгышы*).

**САМОСЕ'ЙКА** *ж. с.-х.* кодура (*кодура чыккан өсүмдүк*); **мак-самосе́йка** кызгалдак.

**САМОСМА'ЗКА** *ж.* өзү майлагыч, самосмазка (*автоматтык түрдө өзү майлагыч*).

**САМОСОВЕРШЕ'НСТВОВАНИЕ** *ср.* өзүн өзү жетилтүү, өзүн жеткилең кылуу.

**САМОСОЖЖЕ'НИЕ** *ср. церк. ист.* диний сезимге фанатиктик менен берилгендиктен өзүн өзү өрттөө, өз эрки менен отко түшүп күйүү.

**САМОСОЗНА'НИЕ** *ср.* аң-сезим (*өз мүдөөсүн, өзүнүн коомдогу, турмуштагы ролун, маанисин түшүнүү*); **кла́ссовое самосозна́ние** таптык аң-сезим.

**САМОСОХРАНЕ'НИЕ** *ср.* өзүн сактоо, сактануу; **инсти́нкт самосохране́ния** өзүн сактоо инстинкти.

**САМОСПЛА'В** *м.* сал агызуу (*суунун агымынан пайдаланып сал агызуу*).

**СЕГО'ДНЯ** *нареч.* 1. бүгүн; 2. *перен.* (*теперь*) азыркы учур, азыркы убакыт, азыр; ◇ **не сегодня-завтра** жакында жакын аранын ичинде; **сегодня густо, а завтра пусто** *погов.* бирде көп да, бирде жок; болсо бөрүдөй, болбосо шөрүдөй; бирде ач, бирде ток.

**СЕГО'ДНЯШНИЙ,** -яя, -ее бүгүнкү, бүгүн болгон.

www.bizdin.kg

**СЕГРЕГА'ЦИЯ** *ж.* сегрегация (*АКШта негрлерди расалыктардан ажыратуунун ар түрдүү формасынан турган расалык дискриминациянын бир түрү*).

**СЕДА'ЛИЩЕ** *ср. анат.* көчүк.

**СЕДА'ЛИЩНЫЙ,** -ая, -ое **седалище**-*ге т.*; **седáлищный нерв** көчүк нерви.

**СЕДЁЛКА** *ж.* ээрчик (*араба ээри*).

**СЕДЕ'ЛЬНИК** *м.* ээрчи, ээр устасы.

**СЕДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **седло**-*го т.*; **седéльный мáстер** ээр устасы.

**СЕДЕ'ТЬ** *несов.* агаруу (*чач, сакал*); ак кирүү (*чачка, сакалга*); буурул тартуу.

**СЕДИНА'** *ж.* ак (*чачтын, сакалдын*); ◊ **сединá в бóроду, а бес в ребрó** *посл.* буканын өзү карыса да, мурду карыбайт.

**СЕДЛА'ТЬ** *несов. кого-что* токуу (*ээр токуу*).

**СЕДЛО'** *ср.* ээр; ◊ **ходи́ть под седлóм** минилип жүрүү.

**СЕДЛОВИ'НА** *ж.* **1.** (*выгиб в спине животного*) кайкы, белдин кайкысы; **лóшадь с седлови́ной** кайкы бел жылкы; **2.** *геогр.* кайкы бел, кайкы белес.

**СЕДЛО'ВКА** *ж.* **1.** (*действие*) токуу (*ат токуу*); **2.** токуу жолу, токуу ыгы (*атты токуу жолу*).

**СЕДОБОРО'ДЫЙ,** -ая, -ое агала сакалдуу, буурул сакалдуу.

**СЕДОВЛА'СЫЙ,** -ая, -ое *поэт. см.* **седоволóсый.**

**СЕДОВОЛО'СЫЙ,** -ая, -ое буурул чач; **седоволóсый человéк** буурул чач адам.

**СЕДО'Й,** -áя, -óе **1.** ак, буурул (*напр. о волосах, бороде*); ак чачтуу, ак сакалдуу, буурулу бар (*о человеке*); **седáя старýха** ак чач кемпир; **2.** *перен.* боз, ак, куба; **седóй тумáн** боз туман; ◊ **до седы́х волóс** картайганга чейин; **седáя дрéвность** *или* **седáя старинá** эзелки заман, жер каймактаганда.

**СЕДО'К** *м.* **1.** (*в экипаже*) жалдап арабада отурган киши; **2.** (*всадник*) атчан киши, унаачан киши.

**СЕДЬМО'Й,** -áя, -óе *числ.* жетинчи; **двáдцать минýт седьмóго** алтыдан жыйырма минута өттү; **половинá седьмóго** алты жарым саат, жарты саат кем жети; **седьмóго ноябрá** жетинчи ноябрда; ◊ **емý пошёл седьмóй деся́ток** ал жетимишке кадам койду; **быть на седьмóм нéбе** *разг.* төбөсү көккө жетүү; **седьмáя водá на киселé** *см.* **кисéль.**

**СЕЗО'Н** *м.* сезон, мезгил, маал; **зи́мний сезóн** кыш мезгили; **театрáльный сезóн** театр сезону; **одéться по сезóну** сезонго ылайык кийинүү.

**СЕЗО'ННИК** *м.* сезончу (*белгилүү мезгилде гана иштеген, түбөлүк иштебеген жумушчу*).

**СЕЗО'ННЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*соответствующий сезону*) сезондуу, мезгилдүү, маалдуу; **сезóнная рабóта** сезондуу жумуш; **сезóнный рабóчий** сезондуу жумушчу; **2.** (*годный на обозначенный срок*) сезондук (*бир сезонго жароочу*); **сезóнный билéт** сезондук билет.

**СЕЙ** *мест. указ. уст.* **1.** ушу, ушул; **по сей день** ушу күнгө чейин; **сию́ минýту я придý** мен азыр эле келем; **сию́ минýту** бир минутка, кичине коё туруңуз; **до сих пор** 1) (*о времени*) ушул убакка чейин; 2) (*о месте*) ушул жерге чейин; **2.** *в знач. сущ.* **сиé** *ср.* ушу; **при сём препровождáется** ушуну менен бирге жиберилет; ◊ **быть по семý** *уст.* ушундай болсун.

**сей** I, **сéйте** *повел. накл. от* **сéять.**

**сей** II *мест. род., дат., твор. и предл. п. от* **сия́.**

**СЕЙМ** *м.* сейм (*кээ бир өлкөлөрдө — парламенттин аты*).

**СЕ'ЙНЕР** *м. мор.* сейнер (*балык уулоочу кичине кеме*).

**СЕЙСМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *геол.* сейсмикалык (*жер титирөөгө таандык*); **сейсми́ческий прибóр** сейсмикалык аспап.

**СЕЙСМО'ГРАФ** *м. геол.* сейсмограф (*жер титирөөнү автоматтык турдө жазуучу аспап*).

**СЕЙСМОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **сейсмография**-*га т.*; сейсмографиялык; **сейсмографи́ческие зáписи** сейсмографиялык жазуулар.

**СЕЙСМОГРА'ФИЯ** *ж. геол.* **1.** сейсмография (*жер титирөөнү жазуу*); **2.** *см.* **сейсмолóгия.**

**СЕЙСМО'ЛОГ** *м.* сейсмолог (*жер титирөөнү текшерүүчү, изилдөөчү специалист*).

**СЕЙСМОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **сейсмология**-*га т.*; сейсмологиялык.

**СЕЙСМОЛО'ГИЯ** *ж. геол.* сейсмология (*геофизиканын жер титирөөнү, деңиз титирөөнү жана жер кыртыштарынын калкылдоолорун текшерүүчү бир бөлүмү*).

**СЕЙСМО'МЕТР** *м. геол.* сейсмометр (*жер титирөөнү текшерүүдөгү колдонулуучу аспап*).

**СЕЙФ** *м.* сейф (*күйбөс шкаф же түрдүү кымбат нерселер салынып сакталуучу шкафтын бир түрү*).

**СЕЙЧА'С** *нареч.* **1.** (*теперь, в настоящее время*) азыр; **сдéлай э́то сейчáс** муну азыр иште; **2.** (*очень скоро, немедленно*) азыр, чапчаң, дароо; **сейчáс же иди́!** азыр эле бар!; дароо бар!; **сейчáс!** азыр!; **3.** (*только что*) азыр эле, эми эле; **он сейчáс здесь был** ал эми эле ушул жерде эле; **4.** *разг.* (*сразу*) дароо эле; **сейчáс ви́дно, в чём дéло** иш эмнеде экени дароо эле көрүндү.

**СЕ'КАНС** *м. мат.* секанс (*бурчтун тригонометриялык функциясы*).

**СЕКА'ТОР** *м. с.-х.* секатор (*жемиш багынын бутагын кесүү ж. б. үчүн колдонулуучу кайчы*).

**СЕКА'Ч** I *м. тех.* секач (**1.** *темирди керте чабуучу миздүү, курч балка*; **2.** *чым көңдү кирпичтей кылып кесүүчү механизм*).

**СЕКА'Ч** II *м. охот.* (*дикий кабан*) каман.

**СЕКВЕ'СТР** *м.* секвестр (**1.** *юр. мамлекет бийлиги тарабынан өзүнүн мүлкүнөн пайдаланууга ээсине тыюу салуу же анын укугун чектөө*; **2.** *мед. оорунун аркасында дененин бир жеринин сөөк болуп калышы*).

**СЕКВЕСТРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что, юр.* секвестрлөө.

**СЕКИ'РА** *ж. ист.* ай балта.

**СЕКРЕ'Т** I *м.* **1.** (*тайна*) сыр, жашырын; **держáть в секрéте** ичинде сактап жүрүү; **вы́дать чей-л. секрéт** биреөнүн сырын айтып коюу; **2.** (*потайное устройство*) тетик, сыр (*механизмдин башкача түзүлүшү*); **замóк с секрéтом** тетиги бар кулпу; **3.** *воен.* (*передовой пост*) секрет (*күтүлбөгөн душмандын келишин кабарландыруучу, алдыңкы пост*); **4.** (*причина; способ*) себеп, сыр; **секрéт успéха** ийгиликтин себеби, ийгиликтин сыры; **секрéт приготовлéния** даярдоонун сыры.

**СЕКРЕ'Т** II *м. физиол.* секрет (*бездерден иштелип чыгуучу зат*).

**СЕКРЕТАРИА'Т** *м.* **1.** (*отдел учреждения*) секретариат (*мекеменин уюштуруу-аткаруу иштерин жүргүзүүчү бөлүм*); **2.** *собир.* секретариат (*ошол бөлүмдүн кызматкерлери*).

**СЕКРЕТА'РСКИЙ,** -ая, -ое **секретарь**-*га т.*; секретардык; **секретáрские обя́занности** секретардык милдеттер.

**СЕКРЕТА'РСТВО** *ср.* секретардык.

**СЕКРЕТА'РСТВОВАТЬ** *несов.* секретардык кылуу, секретарь милдетин аткаруу.

**СЕКРЕТА'РША** *разг. женск. р.* **к секретáрь.**

**СЕКРЕТА'РЬ** *м.* секретарь.

**СЕКРЕ'ТНИЧАТЬ** *несов. разг.* **1.** (*держать в секрете*) башкалардан жашыруу; **2.** (*разговаривать тихо в присутствии других*) жашырын сүйлөшүү.

**СЕКРЕ'ТНО** *нареч.* жашырын, сырдуу.

**СЕКРЕ'ТНОСТЬ** *ж.* жашырындык, сырдуулук.

**СЕКРЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жашырын, сырдуу; **секрéтные бумáги** жашырын кагаздар; **2.** *тех.* тетиктүү, сырдуу; **секрéтный замóк** тетиктүү кулпу.

**СЕКРЕТО'РНЫЙ,** -ая, -ое **секреция**-*га т.*; секрециялык; **секретóрная дéятельность желёз** бездердин секрециялык иши.

**СЕКРЕ'ЦИЯ** *ж. физиол.* секреция (*бездердин организмге керектүү заттарды иштеп чыгарышы*).

www.bizdin.kg

**СЕ'КСТА** *ж. муз.* секста (*диатоникалык гамманын алтынчы баскычы*).

**СЕКСТА'НТ** *м. астр., геод.* секстант (*астрономиялык же геодезиялык байкоолор жүргүзүү үчүн колдонулуучу бурч өлчөгүч аспап*).

**СЕКСТЕ'Т** *м. муз.* секстет (**1.** *алты үн же алты куралга ылайыкталган музыка чыгармасы*; **2.** *секстетти аткаруучу алты музыкант*).

**СЕКСУАЛИ'ЗМ** *м. физиол.* сексуализм (*жыныстык сезимдин ашынып туруучулугу*).

**СЕКСУА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* жыныстык байланыш.

**СЕКСУА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **сексуальность**-*ге т.*

**СЕ'КТА** *ж.* секта (**1.** *рел. үстөмдүк кылуучу динден бөлүнүп чыккан тармак*; **2.** *перен. неодобр. калың массадан өзүн четте туткан кичине топ*).

**СЕКТА'НТ** *м.* сектант (**1.** *бир сектанын жолун жолдоочусу*; **2.** *перен. неодобр. аз кишилердин, азчылыктын таламын жактоочу, тар көз караштуу адам*).

**СЕКТА'НТСКИЙ**, -ая, -ое **сектант**-*ка т.*; сектанттык; **сектáнтская óбщина** сектанттар коому (*уюму*).

**СЕКТА'НТСТВО** *ср.* **1.** *рел.* сектантчылык (*үстөмдүк кылып турган динден бөлүнүп чыккан диний окуунун жана уюмдун жалпы аты*); **2.** *перен. неодобр.* сектанттык (*көз карашынын тардыгы*); **3.** *собир.* сектанттар.

**СЕ'КТОР** *м.* **1.** *мат.* сектор (*жаа сызык менен чектелген жана эки радиусу бар, тегеректин бөлүгү*); **2.** *воен.* сектор (*радиалдык сызык менен чектелген участок*); **сéктор фрóнта** фронт сектору; **3.** сектор (*мекеменин бөлүмү*); **сéктор кáдров** кадрлар сектору; **4.** сектор (*эл чарбасынын бөлүгү*); **обобществлённый сéктор** коомдоштурулган сектор.

**СЕКУЛЯРИЗА'ЦИЯ** *ж.* секуляризация (**1.** *юр. чиркөөнүн, мечиттин жана монастырдын мүлкүн мамлекеттин мүлкүнө айландыруу; чиркөөнүн, мечиттин менчигинен алып, граждандык менчикке берүү*; **2.** *перен. бир нерсени чиркөөнүн же монастырдын менчигинен алып селолук граждандык уюмдун менчигине берүү*).

**СЕКУЛЯРИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. см.* **секуляризовáть.**

**СЕКУЛЯРИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* секуляризациялоо, секуляризация кылуу.

**СЕКУ'НДА** *ж.* секунда (**1.** *минутанын алтымыштан бири*; **2.** *мат. бурч өлчөө единицасы; бул* $^1/_{3600}$ *градуска барабар*; **3.** *муз. диатоникалык гамманын экинчи баскычы*).

**СЕКУНДА'НТ** *м.* секундант (**1.** *ист. дуэлде арага жүрүүчү жана күбө адам*; **2.** *шахм. шахмат ойноого машыктыруучу жана шахмат ойнунда калыс болуп карап туруучу адам*; **3.** *спорт. боксёрду жана күрөштү тейлөөчү адам*).

**СЕКУ'НДНЫЙ**, -ая, -ое **секунда**-*га т.*; **секýндная стрéлка часóв** сааттын секунда стрелкасы.

**СЕКУНДОМЕ'Р** *м.* секундомер (*секунда өлчөөчү саат*).

**СЕКУНДОМЕТРИ'СТ** *м.* секундометрист (*мелдеш болуп жаткан кезде секундомер менен убакытты эсептеп туруучу адам*).

**СЕКУ'ЩАЯ** *ж. мат.* кесүүчү (*сызык*).

**СЕКЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **секция**-*га т.*; секциялык; **секциóнные заседáния** секциялар боюнча болуучу заседаниелер; **секциóнный котёл** секциялардан түзүлгөн (жасалган) казан; ◇ **секциóнный зал** *мед.* секциялык зал (*өлүктөрдү союп турган зал*).

**СЕ'КЦИЯ** *ж. в разн. знач.* секция; **рабóта наýчной конферéнции по сéкциям** илимий конференциянын секциялар боюнча иштеши.

**СЕЛАДО'Н** *м. уст.* аялдардын артынан жүргөндү жакшы көрүүчү адам.

**СЕЛЁДКА** *ж. разг.* селёдка.

**СЕЛЁДОЧНИЦА** *ж.* селёдка балыгы салына турган кичине табак.

**СЕЛЁДОЧНЫЙ**, -ая, -ое **селёдка**-*га т.*; **селёдочная головá** селёдка башы.

**СЕЛЕЗЁНКА** *ж. анат.* көк боор.

**СЕЛЕЗЁНОЧНЫЙ**, -ая, -ое **селезёнка**-*га т.*

**СЕ'ЛЕЗЕНЬ** *м.* эркек өрдөк.

**СЕЛЕКЦИОНЕ'Р** *м.* селекционер (*селекция жагынан специалист*).

**СЕЛЕКЦИОНИ'ЗМ** *м.* селекционизм (*селекциянын принцибин практикада, иш жүзүндө колдонуу*).

**СЕЛЕКЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **селекция**-*га т.*; **селекциóнная стáнция** селекция станциясы.

**СЕЛЕ'КЦИЯ** *ж.* селекция (*тандоо, ылгоо жолу менен айбандардын асыл тукумун, өсүмдүктөрдүн жакшы сорторун чыгаруу жана мыктылоо*).

**СЕЛЕ'Н** *м. хим.* селен (*химиялык элемент; бул — айнекке түс берүүчү жана сигнал жабдыктарында колдонулуучу кара боз металлоид*).

**СЕЛЕ'НИЕ** *ср.* селение, кыштак.

**СЕЛЕ'НИСТЫЙ**, -ая, -ое **селен**-*ге т.*; селендүү; **селéнистая кислотá** селендүү кислота.

**СЕЛЕНИ'Т** *м. мин.* селенит (*саргылжын түстөгү тал-тал кристаллдуу гипстин бир түрү*).

**СЕЛЕНИ'ТОВЫЙ**, -ая, -ое **селенит**-*ке т.*

**СЕЛЕ'НОВЫЙ**, -ая, -ое **селен**-*ге т.*; **селéновая кислотá** селен кислотасы.

**СЕЛИ'ТРА** *ж.* селитра (*техникада жарылма зат, агрономияда семирткич кылып колдонулуучу азот-кычкыл туз*).

**СЕЛИ'ТРЯНЫЙ**, -ая, -ое **селитра**-*га т.*; **селúтряный завóд** селитра заводу.

**СЕЛИ'ТЬ** *несов. кого-что* кондуруу, орундаштыруу (*жерге*).

**СЕЛИ'ТЬСЯ** *несов.* конуу, жайлашуу, орун алуу.

**СЕЛИ'ЩЕ** *ср. археол.* байыркы кыштактын орду.

**СЕЛО'** *ср.* село, кыштак; ◇ **ни к селý ни к гóроду** *разг.* эч бир жөнү жок.

**СЕЛЬДЕРЕ'Й** *м.* сельдерей (*огороддогу жашылча өсүмдүктүн бир түрү*).

**СЕЛЬДЕРЕ'ЙНЫЙ**, -ая, -ое **сельдерей**-*ге т.*; **сельдерéйное мáсло** сельдерей майы.

**СЕЛЬДЬ** *ж.* сельдь (*балык*); ◇ **как сéльди в бóчке** *погов.* жыкжыйма, өтө тыгылыш.

**СЕЛЬДЯНО'Й**, -áя, -óе **сельдь**-*ге т.*

**СЕЛЬКО'Р** *м.* (сéльский корреспондéнт) селькор (айыл-кыштак кабарчысы).

**СЕЛЬМА'Г** *м.* (сéльский магазúн) сельмаг (селолук магазин).

**СЕ'ЛЬСКИЙ**, -ая, -ое **село**-*го т.*; селолук; **сéльские жúтели** айыл-кыштакта туруучулар; **сéльский совéт** сельсовет, селолук совет; **сéльское хозя́йство** айыл чарбасы, айыл-кыштак чарбасы.

**СЕЛЬСКОХОЗЯ'ЙСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое **сельское хозяйство**-*го т.*; айыл чарбалык.

**СЕЛЬСОВЕ'Т** *м.* (сéльский совéт) сельсовет (селолук совет).

**СЕЛЬФА'КТОР** *м. текст.* сельфактор (*ийрүүчү машина*).

**СЕЛЬХОЗАРТЕ'ЛЬ** *ж.* (сельскохозя́йственная артéль) айыл чарба артели.

**СЕЛЯНИ'Н** *м.* (*мн.* **селя́не**) *уст.* дыйкан.

**сём** *мест. предл. п. от* **сей, сиé** (*предлогдордон кийин колдонулат*).

**СЕМА'НТИКА** *ж. лингв.* **1.** семантика (*тилдин, айрым сөздөрдүн маани жагы*); **2.** *см.* **семасиолóгия.**

**СЕМАНТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **семантика**-*га т.*

**СЕМАСИОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **семасиология**-*га т.*

**СЕМАСИОЛО'ГИЯ** *ж. лингв.* семасиология (*тил илиминин бөлүмү; бул—сөздөрдүн маанилерин жана ошол маанилердин өзгөрүшүн изилдейт*).

**СЕМАФО'Р** *м.* семафор (*жолдун ачык же жабыктыгын билдирүүчү жарыктуу сигнал*).

**СЁМГА** *ж.* сёмга (*эти кызыл балыктын бир түрү*).

www.bizdin.kg

**СЕМЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*имеющий семью*) үй-бүлөлүү, бала-чакалуу; **семейный человек** бүлөлүү киши; 2. (*происходящий в семье*) үйдөгү, үй-бүлөдөгү, үй-бүлөдө болуучу; **семейный обед** үйдөгү обед (*үй-бүлө менен бир отуруп ичкен обед*); 3. (*имеющий отношение к семье*) үй-бүлөлүк, **семейная жизнь** үй-бүлөлүк турмуш; **семейный роман** *лит.* үй-бүлөлүк роман (*көбүнчө үй-бүлө турмушун жазган роман*); 4. *перен. неодобр.* (*семейственный*) тууғандык, жакындык (*эптешүүчүлүк жолу менен иштелүүчү*).

**СЕМЕ'ЙСТВЕННОСТЬ** *ж.* 1. (*любовь к семейной жизни*) бүлөчүлдүк, өз бүлөсүн сүйүүчүлүк, бүлөнүн камын жээчүлүк; 2. *перен. неодобр.* бүлөчүлүк (*эптешип кетүүчүлүк, «кол ийрисине тартуучулук» жолу менен болгондук*).

**СЕМЕ'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*любящий семью*) бүлөчүл, өз бүлөсүн сүйгөн, бүлөсүнүн камын жеген; 2. *перен. неодобр.* бүлөчүлүк, бүлө жолу менен болгон (*эптешүүчүлүк жолу менен болгон*).

**СЕМЕ'ЙСТВО** *ср.* 1. (*семья*) бүлө, үй-бүлө, бала-чака; 2. *биол.* түркүм; **семейство кошачьих** мышык түркүмү.

**СЕМЕНА'** *мн.* (*ед.* **семя** *ср.*) урук, үрөн.

**СЕМЕНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое уруктуу, даны көп.

**СЕМЕНИ'ТЬ** *несов.* тыпылдатып басуу, тыпылдап майдалап басуу.

**СЕМЕННИ'К** *м.* 1. *с.-х., бот.* (*растение*) урук үчүн калтырылган өсүмдүк; 2. *бот.* (*часть плода, содержащая зёрна*) өсүмдүктүн урук мүчөсү; 3. *с.-х.* (*участок для выращивания семян*) урук (үрөн) алуу үчүн арналган эгин участогу; 4. *биол.* эркектин урук бези.

**СЕМЕННО'Й,** -ая, -ое 1. **семена**-*га т.*; уруктук, үрөндүк, **семенной фонд** үрөн фонду; **семенной клевер** уруктук беде; **семенное хозяйство** урук (үрөн) өстүрүүчү чарба; 2. **семя** 3-*кө т.*; **семенные железы** урук бездери.

**СЕМЕНОВО'Д** *м.* урук (үрөн) өстүрүү жагынан специалист.

**СЕМЕНОВО'ДСТВО** *ср.* урук (үрөн) өстүрүү (*айыл чарбанын урук, үрөн өстүрүүчү тармагы*).

**СЕМЕНОВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **семеноводство**-*го т.*; урук (үрөн) өстүрүүчү; **семеноводческий совхоз** урук (үрөн) өстүрүүчү совхоз.

**СЕМЕРИ'К** *м.* 1. жети кабат (*жети единицадан турган чен, өлчөм же предмет*); **семерик-верёвка** жети кабат жип (*жети тал ичке жиптен эшилген жип*); 2. (*семь лошадей в одной упряжке*) бир арабага чегилген жети ат.

**СЕМЁРКА** *ж.* 1. (*цифра*) жети, жетилик (*жети деген цифра*); 2. (*группа из семи*) жети, жетөө; 3. (*карта*) жетилик; **семёрка пик** жетилик карга.

**СЕ'МЕРО** *числ.* жетөө, жети; **семеро братьев** жети бир тууган; **семеро суток** жети сутка; **нас было семеро** биз жетөө элек; ◇ **семеро одного не ждут** *посл.* жети киши бир кишини күтпөйт (*бир киши үчүн коллектив ишти кечиктирүүгө болбойт*).

**СЕМЕ'СТР** *м.* семестр (*жогорку окуу жайларында жана техникумдарда окуу жылынын жарымы*).

**СЕМЕСТРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **семестр**-*ге т.*; семестрдик; **семестровый зачёт** семестрдик зачёт.

**СЕ'МЕЧКО** *ср.* 1. *уменьш. от* **семя** 1 жалгыз урук, дан; 2. **семечки** *мн.* чемичке, семишке (*күн карама жана ашкабактын уругу, данеги*); **грызть семечки** чемичке чагуу.

**СЕМИ**- *татаал сөздө «жети» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүк; мис.* **семидиевный** жети күндүк.

**СЕМИБО'РЬЕ** *ср. спорт.* семиборье (*спорттук мелдеште оор нерсени көтөрүүнүн жети түрүн көрсөтүү*).

**СЕМИВЁРСТНЫЙ,** -ая, -ое жети чакырымдык; ◇ **семивёрстные сапоги** *фольк.* кереметтүү өтүк (*бир кадамы жети чакырымга барабар болот имиш*).

**СЕМИДЕСЯТИЛЕ'ТИЕ** *ср.* 1. (*срок*) жетимиш жыл, жетимиш жылдык мөөнөт; 2. (*годовщина*) жетимиш жылдык.

**СЕМИДЕСЯТИЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее 1. жетимиш жылдык; **семидесятилетняя ель** жетимиш жылдык карагай; 2. (*о человеке*) жетимиш жашар, жетимиш жаштагы.

**СЕМИДЕСЯТИПЯТИЛЕ'ТИЕ** *ср.* 1. (*срок*) жетимиш беш жыл, жетимиш беш жылдык мөөнөт; 2. (*годовщина*) жетимиш беш жылдык.

**СЕМИДЕСЯ'ТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* жетимишинчи; **семидесятые годы** жетимишинчи жылдар (*бир кылымдын 70-нен 79-не чейинки убакыт*).

**СЕМИДНЕ'ВНЫЙ,** -ая, -ое жети күндүк; **семидневный срок** жети күндүк мөөнөт.

**СЕМИКЛА'ССНИК** *м.* жетинчи класстын окуучусу.

**СЕМИКЛА'ССНИЦА** *женск. р. к* **семиклассник.**

**СЕМИКЛА'ССНЫЙ,** -ая, -ое жети класстык; **семиклассное образование** жети класстык билим.

**СЕМИКРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое жети эсе, жети мертебе.

**СЕМИЛЕ'ТКА** *ж.* жети жылдык мектеп, **он окончил семилетку** ал жети жылдык мектепти бүтүрдү.

**СЕМИЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее 1. (*о сроке*) жети жылдык; **семилетний стаж** жети жылдык стаж; 2. (*о человеке*) жети жашар, жетидеги, жети жаштагы.

**СЕМИМЕ'СЯЧНЫЙ,** -ая, -ое жети айлык; **семимесячный ребёнок** жети айлык бала.

**СЕМИНА'Р** *м.* семинар (*мугалимдин жолбашчылыгы менен болуучу группалык практикалык иш*).

**СЕМИНАРИ'СТ** *м. уст.* семинария окуучусу.

**СЕМИНА'РИЯ** *ж. уст.* семинария, атайын орто мектеп; **учительская семинария** мугалимдер даярдоочу атайын орто мектеп; **духовная семинария** диний семинария.

**СЕМИНА'РСКИЙ,** -ая, -ое 1. **семинар**-*га т.*; **семинарские занятия** семинар окуусу; 2. *уст.* **семинария**-*га*, **семинарист**-*ке т.*; семинариялык; **семинарское образование** семинариялык маалымат.

**СЕМИПО'ЛЬЕ** *ср. с.-х.* жети талаа; **переход от трёхполья к семиполью** үч талаадан жети талаага өтүү.

**СЕМИСО'ТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* жети жүзүнчү; **семисотая страница** жети жүзүнчү бет.

**СЕМИСТРУ'ННЫЙ,** -ая, -ое *муз.* жети кылдуу (*жети кылы бар; мис. гитара*).

**СЕМИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **семитский.**

**СЕМИТОЛО'ГИЯ** *ж. лингв.* семитология (*семит тилдерин жана семит маданиятын изилдөөчү илим*).

**СЕМИ'ТСКИЙ,** -ая, -ое **семит**-*ке т.*; **семитские языки** семит тилдери.

**СЕМИ'ТЫ** *мн.* (*ед.* **семит** *м.*) семиттер (*Түндүк Африкиди жана Жакынкы Азияда жашаган жана жашоочу элдердин тобу, мис. арабдар, еврейлер, абиссиниялыктар ж. б.*).

**СЕМИЧАСОВО'Й,** -ая, -ое 1. (*длительностью в семь часов*) жети сааттык, жети саатка созулган; 2. (*назначенный на семь часов*) саат жетидеги; **семичасовой поезд** саат жетидеги поезд.

**СЕМНАДЦАТИЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее (*о человеке*) он жети жашар, он жети жаштагы.

**СЕМНА'ДЦАТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* он жетинчи; **семнадцатый номер** он жетинчи номер; **семнадцатого числа** он жетинчи числодо.

**СЕМНА'ДЦАТЬ** *числ.* он жети.

**СЕМССУ'ДА** *ж.* (семенная ссуда) үрөн карыз берүү (*же алуу*).

**сему** *дат. п. от* **сей, сие.**

**СЕМФО'НД** *м.* (семенной фонд) үрөн фондусу, үрөндүк фонд.

**СЕМЬ** *числ.* жети; ◇ **у семи нянек дитя без глазу** *посл.* молдо көп болсо кой арам өлөт; **семь раз отмерь, один раз отрежь** *посл.* жети өлчөп, бир гана кес (*бир нерсени иштээрдин алдында жакшылап ойло, баарын жакшылап ойлоп туруп иш кыл*).

**СЕ'МЬДЕСЯТ** *числ.* жетимиш.

**СЕМЬСО'Т** *числ.* жети жүз.

www.bizdin.kg

**СЕ'МЬЮ** *нареч.* жети жерде; **сéмью семь — сóрок дé-вять** жети жерде жети кырк тогуз.

**СЕМЬЯ'** *ж.* бүлө, үй-бүлө, бала-чака; **брáтская семья́ совéтских нарóдов** совет элдеринин бир туугандык үй-бүлөсү; **член семьи́** үй-бүлө мүчөсү; ◇ **в семьé не без урóда** *посл.* бир уядан бир сасыткы (*бир коллективдин ичинде, коллективдин иркин бузган жаман адам жөнүндө айтылат*).

**СЕМЬЯНИ'Н** *м.* бүлөкор, бүлөчүл киши.

**СЕ'МЯ** *ср.* 1. *бот.* урук (*өсүмдүктөрдүн көбөйүү органы*); **растéние далó семенá** өсүмдүк урук берди; 2. *чаще мн. перен.* себеп, **семенá раздóра** чыр-чагактын себеби; 3. *биол.* (*сперма*) бел суу.

**СЕМЯДО'ЛЯ** *ж. бот.* урук үлүшү (*өсүмдүктүн уругунун көбөйүү органынын ичи, жалбырактардын түйүлдүгү турган жери*).

**СЕМЯИЗВЕРЖЕ'НИЕ** *ср. физиол.* бойдон кетүү (*эркектен*).

**СЕМЯИЗЛИЯ'НИЕ** *ср см.* **семяизвержéние.**

**СЕМЯПО'ЧКА** *ж. бот.* урук бүчүр.

**СЕМЯПРОВО'Д** *м. анат.* бел суу жүргүзүүчү түтүк.

**СЕНА'Т** *м.* сенат (1. *ист. Байыркы Римде — башкаруунун жогорку органы;* 2. *ист. падышалык Россияда — жогорку соттук-административдик мекеме;* 3. *бир катар өлкөлөрдө — закон чыгаруучу жогорку палата*).

**СЕНА'ТОР** *м.* сенатор (*сенаттын мүчөсү*).

**СЕНА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое **сенатор**-*го т.*; сенатордук; **сенáторские обя́занности** сенатордук милдеттер.

**СЕНА'ТОРСТВО** *ср.* сенатордук наам (кызмат), сенатордун наамы (кызматы).

**СЕНА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **сенат**-*ка т.*; сенаттык.

**СЕНБЕРНА'Р** *м.* (*порода собак*) сенбернар (*чоң иттердин бир түрү*).

**СЕ'НИ** *только мн.* сени (*үйдүн кире берер жериндеги бөлмө*).

**СЕННИ'К** *м.* 1. (*матрац*) ичине чөп же саман салынган матрац; 2. *обл.* (*сарай для сена*) чөпкана.

**СЕННО'Й** I, -áя, -óе **сено**-*го т.*; **сеннóй базáр** чөп базары.

**СЕННО'Й** II, -áя, -óе: **сеннáя дéвушка** *уст.* кенизек (*господин үйүндө кызмат кылып жүргөн крепостной кыз*).

**СЕ'НО** *ср.* чөп; **охáпка сéна** бир кучак чөп; ◇ **собáка на сéне** *погов.* чөптө жаткан ит (өзү да жебейт, башканы да жолотпойт).

**СЕНОВА'Л** *м.* чөп жыйгыч (*чөп сакталуучу жай*).

**СЕНОВОРОШИ'ЛКА** *ж.* чөп оодарыштыргыч машина.

**СЕНОЗАГОТО'ВКИ** *мн.* (*ед.* **сенозаготóвка** *ж.*) чөп даярдоо.

**СЕНОЗАГОТО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **сенозаготовки**-*ге т.*; **сенозаготóвочная кампáния** чөп даярдоо кампаниясы.

**СЕНОКОПНИ'ТЕЛЬ** *м.* чөп чөмөлөөчү машина.

**СЕНОКО'С** *м.* 1. (*косьба травы*) чөп чабуу, чөп чабыш; 2. (*место косьбы*) чабынды, чөп чабынды; 3. (*время косьбы*) чөп чабуу убагы.

**СЕНОКОСИ'ЛКА** *ж.* чөп чапкыч машина.

**СЕНОКО'СНЫЙ,** -ая, -ое **сенокос**-*ко т.*; **сенокóсные лугá** чабынды жерлер.

**СЕНОКОШЕ'НИЕ** *ср. см.* **сенокóс** 1.

**СЕНОСУШИ'ЛКА** *ж.* чөп кургаткыч (*машина*).

**СЕНОУБО'РКА** *ж.* чөп жыйноо, чөп чаап жыйноо.

**СЕНОУБО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое **сеноуборка**-*га т.*; **сеноубóрочная кампáния** чөп жыйноо кампаниясы, чөп чабуу кампаниясы, чөп жыйноо өнөктүгү.

**СЕНОХРАНИ'ЛИЩЕ** *ср.* чөп сакталуучу жай.

**СЕНСАЦИО'ННОСТЬ** *ж.* сенсациялуулук.

**СЕНСАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое сенсациялуу (*укмуштуу, көпчүлүктү дүрбөлөңгө салуучу*).

**СЕНСА'ЦИЯ** *ж.* сенсация (*көпчүлүктү дүүлүктүргөн укмуштуу окуя*).

**СЕНСИБИЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* сенсибилизация (1. *физиол. клеткалардын жана ткандардын сезгичтигинин жогорулашы,* 2. *кээ бир жарык шоолаларынын таасири менен фотографиялык пластинкалардын сезгичтигинин жогорулап кетиши*).

**СЕН-СИМОНИ'ЗМ** *м. филос.* сенсимонизм (*19 кылымдагы социалист-утопист Сен-Симондун окуусу*).

**СЕНСУАЛИ'ЗМ** *м филос.* сенсуализм (*таанып билүүнүн бирден-бир булагы сезүү болот деп эсептөөчү философиялык окуу*).

**СЕНСУАЛИ'СТ** *м. филос.* сенсуалист (*сенсуализмдин жолун жолдоочу*).

**СЕНСУАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **сенсуализм**-*ге т.*

**СЕНСУА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *филос.* сезимге, сезүүгө негизделген.

**СЕНТЕНЦИО'ЗНОСТЬ** *ж.* сентенциялуулук, насыяттуулук.

**СЕНТЕНЦИО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое сентенциялуу, насыяттуу (*форма жагынан макал, санатка окшогон, маани жагынан насыяттуу*).

**СЕНТЕ'НЦИЯ** *ж.* сентенция, насыят (*насыят мүнөздүү макал, санат*).

**СЕНТИМЕНТАЛИ'ЗМ** *м.* 1. *лит.* сентиментализм (*18 кылымдын аягы, 19 кылымдын башындагы адабий агым, бул эң эле ыксыз сезгичтик, ыйлаактагандык, жумшактык жана чындыкты бир аз кооздоп көрсөтүү менен мүнөздөлөт*); 2. (*излишняя чувствительность*) ыгы жок жашыктык.

**СЕНТИМЕНТАЛИ'СТ** *м. лит.* сентименталист (*сентиментализм жолун жолдоочу*)

**СЕНТИМЕНТА'ЛЬНИЧАТЬ** *несов. разг.* 1. өтө эле боорукердик (жумшактык, жашыктык) кылуу; 2. *с кем-чем, перен.* өтө эле жумшак мамиле кылуу.

**СЕНТИМЕНТА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* ыгы жок боорукердик, ыгы жок эркелөөчүлүк.

**СЕНТИМЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*чувствительный*) өтө эле боорукер, өтө эле жашык; 2. **сентиментализм** 1-*ге т.*; сентименталдык; **сентиментáльный ромáн** сентименталдык роман.

**СЕНТЯ'БРЬ** *м.* сентябрь; ◇ **смотрéть сентябрём** *разг. уст.* кабагы салыңкы, көңүлсүз болуу.

**СЕНТЯ'БРЬСКИЙ,** -ая, -ое **сентябрь**-*ге т.*; сентябрдеги; **сентя́брьские дожди́** сентябрдеги жамгырлар.

**СЕНЬ** *ж. поэт. уст.* көлөкө; **под сéнью** 1) көлөкөсүндө; 2) *перен.* далдасында.

**СЕНЬО'Р** *м. ист.* сеньор (*феодалдык коомдо — ири жер ээси, мунун соттук, административдик жана саясий бийлиги болгон*).

**СЕПАРАТИ'ЗМ** *м. полит.* сепаратизм (*бөлүнүп чыгууга, обочолонууга болгон ар кандай умтулуш*).

**СЕПАРАТИ'СТ** *м. полит.* сепаратист (*сепаратизмди жактоочу*).

**СЕПАРАТИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое *полит.* сепаратисттик (*обочолонууга, бөлүнүүгө умтулуучу*).

**СЕПАРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое сепараттык (*айрым, айрыкча, обочолонгон, башкалар менен макулдашылбаган*).

**СЕПАРА'ТОР** *м.* сепаратор (1. *тех. бир затты экинчи бир заттан бөлүп алуу үчүн колдонулуучу аппарат;* 2. *с.-х.* ынак сүттүн каймагын ажыратып алуучу аппарат).

**СЕПАРА'ТОРНАЯ** *ж. с.-х.* сепаратор турган жай.

**СЕПАРА'ЦИЯ** *ж. тех., с.-х.* сепарация (*бир нерседен экинчи бир нерсени ажыратуу, бөлүп чыгаруу*).

**СЕПАРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех., с.-х.* сепарациялоо (*бир затты экинчи бир заттан ажыратуу, бөлүп чыгаруу*).

**СЕ'ПИЯ** *ж.* сепия (1. *кара күрөң боёк;* 2. *ушундай боёк менен тартылган сүрөт; фотографиялык аппарат менен түшүрүлгөн күрөң түстөгү сүрөт*).

www.bizdin.kg

**СЖИНА'ТЬ** *несов. см.* **сжать** II.

**СЖИТЬ** *сов. кого, разг.* тынчын алып (андып) күн көрсөтпөө, жанынан түңүлтүү, бездирүү; **сжить со света** таптакыр эле күн көрсөтпөй коюу.

**СЖИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* 1. *с кем (сдружиться)* үйрөнүшүү, үйүр болуу, бир-бирине көнүгүшүү; 2. *с чем, перен. (привыкнуть)* көнүү, үйрөнүү (шарттарга); **сжиться с тяжёлой утратой** оор жоготууга көнүү.

**СЖУ'ЛЬНИЧАТЬ** *сов. разг.* жулуктук (митаамдык) кылуу, будамайлоо, алдоо.

**СЗА'ДИ** I. *нареч. (позади)* аркадан, арт жагынан, арттан, арка жактан; **пальто испачкалось сзади** пальто арт жагынан булганган, 2. *предлог с род. п.* аркада, артта, арт жакта, арт жагында; **сесть сзади** *кого-л.* *бирөөнүн* арт жагында отуруу.

**СЗЫВА'ТЬ** *несов. см.* **созвать.**

**СИ** *ср. нескл. муз.* си (*музыка гаммасынын бир нотасы*).

**СИБАРИ'Т** *м.* сибарит (*бекерге көнүп, кара жанын жыргатууну көздөгөн киши*).

**СИБАРИ'ТСКИЙ,** -ая, -ое **сибарит**-*ке т.*; сибариттик; **сибаритские привычки** сибариттик өнөкөт.

**СИБАРИ'ТСТВО** *ср.* сибаритство, сибариттин турмушунун түрү.

**СИБАРИ'ТСТВОВАТЬ** *несов.* сибаритче жашоо, сибаритче жүрүү-туруу.

**СИБИ'РСКИЙ,** -ая, -ое **Сибирь**-*ге т.*; **сибирские леса** Сибирь токойлору; ◇ **сибирская язва** *мед.* күйдүргү (*малдын жугуштуу оорусу*).

**СИБИРЯ'К** *м.* сибиряк (*Сибирде туруучу адам*).

**СИБИРЯ'ЧКА** *женск. р. к* **сибиряк**; сибирячка.

**СИВЕ'ТЬ** *несов.* сакал (чач) көк ала боло баштоо, агара баштоо.

**СИВКА'** *м. и ж. разг.* боз ат, ак боз ат.

**СИВКО'** *м. см.* **сивка.**

**СИВОЛА'ПЫЙ,** -ая, -ое *разг. уст.* олчойгон, колдойгон, копол, дордойгон (*адам*).

**СИВОРО'НКА** *ж. см.* **сизоворонка.**

**СИВУ'ХА** *ж. разг.* сивуха (*жакшы тазаланбаган арак*).

**СИВУ'ШНЫЙ,** -ая, -ое **сивуха**-*га т.*; **сивушное масло** сивуха майы (*спирт жасаган кезде алынган май*); **сивушный запах** сивуханын жыты.

**СИ'ВЫЙ,** -ая, -ое боз, ак боз; **лошадь сивой масти** ак боз ат; ◇ **врёт как сивый мерин** *см.* **мерин.**

**СИГ** *м.* сиг (*балыктын бир түрү*).

**СИГА'РА** *ж.* сигара (*тартуу үчүн түрүлгөн тамеки жалбырагы*).

**СИГАРЕ'ТА** *ж.* сигарета (1. *кичинекей ичке сигара*; 2. *мүштөксүз папироса*).

**СИГАРЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **сигарета**-*га т.*; **сигаретная коробка** сигарета салына турган куту.

**СИГА'РНЫЙ,** -ая, -ое **сигара**-*га т*; **сигарный дым** сигара түтүнү.

**СИГНА'Л** *м.* 1. (*условный знак*) сигнал, белги (*алыстан билдирүү үчүн берилүүчү шарттуу белги*); **световой сигнал** жарык менен берилүүчү сигнал; **сигнал бедствия** кырсык сигналы; **по сигналу** сигнал боюнча, **подать сигнал** сигнал берүү; 2. *перен. (предупреждение)* сигнал, билдирүү, эскертүү; **послужить сигналом** *к чему-л. бир нерсеге* сигнал болуу.

**СИГНАЛИЗА'ТОР** *м.* сигнализатор (*сигнализация аппараты*).

**СИГНАЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*действие*) сигнализация, сигналдоо, сигнал берүү (*сигнал менен алыстан билдирүү*); 2. (*приспособление для сигналов*) сигнал берүүчү жабдык; **автоматическая сигнализация** автоматтык сигнализация; 3. (*система сигналов*) сигнализация (*сигналдар системасы*).

**СИГНАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* 1. *кому-чему чем, что, о чём* сигналдоо, сигнал берүү (*сигнал менен алыстан билдирүү*); 2. *что, о чём, перен. (предупреждать)* билдирүү, эскертүү (*кемчиликтер жөнүндө, коркунуч ж. б. жөнүндө эскертүү*); **сигнализировать о неполадках в работе** жумуштагы кемчиликтерди көрсөтүп сигнал берүү.

**СИГНАЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. см.* **сигнализировать.**

**СИГНА'ЛИТЬ** *несов. см.* **сигнализировать** 1.

**СИГНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **сигнал**-*га т.*; сигналдык; **сигнальный флажок** сигнал желеги; **сигнальный пост** сигналдык пост.

**СИГНА'ЛЬЩИК** *м.* сигналчы (*сигнал берүүчү*).

**СИГНАТУ'РА** *ж.* сигнатура (1. *фарм. аптекадан дары менен кошо берилүүчү, рецепттин копиясы*; 2. *полигр. ар бир басма табактын биринчи жана үчүнчү бетинин астына коюлган цифра — катар номер*).

**СИГНАТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое **сигнатура**-*га т.*; сигнатуралык; **сигнатурная цифра** сигнатуралык цифра.

**СИГО'ВЫЙ,** -ая, -ое **сиг**-*ге т.*; **сиговая икра** сигдин икрасы.

**СИДЕ'ЛКА** *ж.* сиделка (*оорулуларды тейлеп туруучу кенже медициналык кызматчы аял*).

**СИ'ДЕНЬ** *м.*: **сиднем сидеть** *разг.* үй күчүк болуу, үйдөн чыкпай отура берүү.

**СИДЕ'НЬЕ** *ср.* отургуч; **откидное сиденье** үстү кайра ачылма отургуч.

**СИДЕ'ТЬ** *несов.* 1. туруу, олтуруу; **сидеть в комнате** комнатада отуруу; **сидеть на корточках** чөк түшүп олтуруу, **сидеть за книжкой** китеп окуп отуруу; **сидеть за работой** иштеп отуруу; **сидеть верхом на лошади** атка минүү; 2. туруу; **хлеб ещё сидит в печи** нан дале меште турат, 3. (*иметь осадку*) батып туруу; **судно сидит глубоко** сууга кеме терең батып турат; 4. (*об одежде*) бычымы чак келүү (келбөө), бычымы туура болуу (болбоо); **пальто сидит хорошо** пальто жакшы чак келди; 5. *разг.* жатуу, отуруу (*камалып*); ◇ **сидеть сложа руки** бекердин ишин кылуу; **сидеть на яйцах** жумуртка басып отуруу; **сиднем сидеть** *см.* **сидень; сидеть у моря и ждать погоды** *погов.* белгисиз бир нерсени натыйжасыз, пайдасыз күтө берүү.

**СИДЕ'ТЬСЯ** *несов. безл.*: **мне не сидится дома** менин үйдө отургум келбейт; **ему не сидится на месте** ал бир жерге байыр алалбайт, бир жерге отуралбайт.

**СИ'ДМЯ** *нареч.*: **сидмя сидеть** *обл. см.* **сидень.**

**СИДР** *м.* сидр (*алмадан жасалган вино*).

**СИДЯ'ЧИЙ,** -ая, -ее 1. отурган; **в сидячем положении** отурган абалда, отуруп; 2. (*предназначенный для сидения*) отура берме, отурма; **сидячие места в вагоне** вагондогу отурма орундар; 3. *перен. (малоподвижный)* көп козголбой турган, бир жерде турма, бир жерде отурма (*мис. көбүнчө бир жерде туруп же отуруп иштелүүчү иш*); **сидячий образ жизни** үйдө турма турмуш (*мис. дайыма үйдө, мекемеде отуруп иштөө, эки жакка көп чыкпай бир жерде болуу*).

**СИЕ'** *мест. ср. р. к* **сей.**

**СИЕ'НА** *ж.* (*краска*) сиена (*күрөң боёк*).

**СИ'ЖИВАТЬ** *многокр. разг.* отуруу (*бир жерде көпкө чейин отуруу же убакты-убакты менен келип бир жолу эмес отуруу*).

**сижу, сидишь** *и т. д. наст. вр. от* **сидеть.**

**СИЗИ'ФОВ: сизифов труд** Сизифтин эмгеги (*аракети көп, берекеси жок жүдөтмө иш*).

**СИЗОВОРО'НКА** *ж. зоол.* көк карга.

**СИЗОКРЫ'ЛЫЙ,** -ая, -ое көгүлдүр канаттуу (*бул эпитет фольклордо эркелетүү эпитети маанисинде айтылат*).

**СИ'ЗЫЙ,** -ая, -ое көгүлдүр; **сизый голубь** көгүчкөн (*жапайы*); **сизый туман** көк туман.

**СИИ'** *мест. мн. от* **сей.**

**СИККАТИ'В** *м. тех.* сиккатив (*боёк же лак бат кургасын үчүн ага кошула турган зат*).

**СИКОМО'Р** *м. бот.* сикомор (*тыт түркүмүнө кирүүчү жыгачтын бир түрү*).

www.bizdin.kg

**СИНТЕЗИ'РОВАНИЕ** *ср.* синтездөө, синтезге алып келүү.

**СИНТЕЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* синтездөө, синтезге алып келүү.

**СИНТЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1. синтез**-*ге т.*; синтездик; **синтети́ческий ме́тод иссле́дования** изилдөөнүн синтездик методу; **2.** *хим.* (*полученный в результате синтеза*) синтездик (*синтез аркылуу алынган*); **синтети́ческий каучу́к** синтездик каучук (жасалма каучук).

**СИНТОМИЦИ'Н** *м. фарм.* синтомицин (*дизентерияга, башкача айтканда, ич өтүү оорусуна каршы колдонула турган дары*).

**СИ'НУС** *м. мат.* синус (*тригонометриялык функция*).

**СИНХРОНИЗА'ЦИЯ** *ж.* синхронизация (*эки же бир нече кубулуштарды же процесстерди убакыт жагынан бири-бирине өз ара так туура келтирүү*).

**СИНХРОНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* синхронизациялоо, синхрондоштуруу.

**СИНХРОНИ'ЗМ** *м.* синхронизм (*эки же бир нече процесстин же кубулуштун убакыт жагынан бири-бирине өз ара так туура келиши*).

**СИНХРОНИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **синхрони́ческий.**

**СИНХРОНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **синхронизм**-*ге т.*

**СИНХРОНИ'Я** *ж. см.* **синхрони́зм.**

**СИНХРО'ННЫЙ,** -ая, -ое синхронналуу (*мезгилдеш, бир мезгилде болуучу*).

**СИНЬ** *ж.* **1.** *см.* **синева́**; **2.** (*синяя краска*) көк боёк.

**СИ'НЬКА** *ж.* **1.** (*для подкрашивания*) синька, сенке (*көк чайкама*); **2.** (*светокопировальная бумага*) синька (*копировка кылынуучу кагаз*).

**СИНЮ'ХА** *ж.* синюха (**1.** *бот. көгүлдүр гүлү бар көп жылдык өсүмдүктүн бир түрү*; **2.** *мед кай бир жүрөк ооруларын натыйжасында теринин көгүш тартып калышы*).

**СИНЮ'ШНЫЙ,** -ая, -ое **синюха** 2-*ге т.*; синюха менен оорулуу (*киши*).

**СИНЯ'К** *м.* көк (*эттин соголуп көгөргөн жери*).

**СИОНИ'ЗМ** *м.* сионизм (*еврейлердин буржуазиялык-улутчул агымы; бул — 19 кылымдын аягында пайда болгон*).

**СИОНИ'СТ** *м.* сионист (*сионизмдин жолун жолдоочу*).

**СИОНИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **сионизм**-*ге*, **сионист**-*ке т.*

**СИПЕ'НЬЕ** *ср.* кирилдөө, киркирөө.

**СИПЕ'ТЬ** *несов.* кирилдөө, киркирөө.

**СИ'ПЛОСТЬ** *ж.* кирилдегендик, киркиректик (*үн жөнүндө*).

**СИ'ПЛЫЙ,** -ая, -ое кирилдеген, киркирек, кирилдек; **си́плый го́лос** киркирек үн.

**СИ'ПНУТЬ** *несов.* кирилдек боло баштоо, киркирек боло баштоо.

**СИПОТА'** *ж.* үндүн ооруу болгондуктан кирилдеши (киркреши).

**СИРЕ'НА** *ж.* сирена (**1.** *байыркы грек мифологиясында — жолоочуларды ыры менен кызыктырып, аларды өлөр жерине алып кетүүчү куш денелүү, аял баштуу деңиз периси*; **2.** *тех. ачуу үн менен сигнал берүүчү аппарат*; **3.** *перен. адамды кызыктыруучу сулуу аял*).

**СИРЕ'НЕВЫЙ,** -ая, -ое **1. сирень**-*ге т.*; **2.** (*о цвете*) сирень түстүү, көгүлдүр; **сире́невое пла́тье** сирень түстүү көйнөк

**СИРЕ'НЬ** *ж.* сирень (*бак гүл; түрдүү түстө чачы гүл болуп гүлдөөчү бадал жыгач*).

**СИРО'ККО** *м. нескл.* (*ветер*) сирокко (*керимсел; көбүнчө Түндүк Африка менен Түштүк Европада болуучу ысык, кургак катуу шамал*).

**СИРО'П** *м.* сироп (*коюу маңыз, шире*); **я́годный сиро́п** жемиш сиробу.

**СИРОТА'** *м. и ж.* жетим; **кру́глая сирота́** тоголок жетим.

**СИРО'ТКА** *м. и ж. уменьш.-ласк. от* **сирота́** жетимчек.

**СИРОТЛИ'ВО** *нареч.* жетимсиреп, жапжалгыз, муңайып, ээн калгандай болуп.

**СИРОТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* жетимсирегендик, ээн калгандык, көрүнүшү муңдуу болгондук.

**СИРОТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое жетимсиреген, ээн калган, көрүнүшү муңдуу.

**СИРО'ТСКИЙ,** -ая, -ое **сирота**-*га т.*; **сиро́тская до́ля** жетимчилик; ◇ **сиро́тская зима́** *разг.* жылуу кыш.

**СИРО'ТСТВО** *ср.* жетимдик, жетимчилик.

**СИ'РЫЙ,** -ая, -ое *уст.* **1.** (*осиротевший*) жетим калган, жетим болуп калган; **2.** *перен.* (*несчастный*) колунан эч нерсе келбеген, байкуш, бакытсыз, жалгыз, жапжалгыз

**СИСТЕ'МА** *ж. в разн. знач.* система; **систе́ма в рабо́те** иштеги система; **избира́тельная систе́ма** шайлоо системасы; **де́нежная систе́ма** акча системасы; **социалисти́ческая систе́ма хозя́йства** чарбанын социалисттик системасы; **капиталисти́ческая систе́ма хозя́йства** чарбанын капиталисттик системасы; **со́лнечная систе́ма** күн системасы; **не́рвная систе́ма** нерв системасы; **филосо́фская систе́ма** философиялык система; **маши́на но́вой систе́мы** жаңы система менен түзүлгөн (жасалган) машина; **рабо́тать в систе́ме наро́дного образова́ния** эл агартуу системасында иштөө, **периоди́ческая систе́ма элеме́нтов** *хим.* элементтердин мезгилдик системасы.

**СИСТЕМАТИЗА'ЦИЯ** *ж.* систематизация, системалоо, системага келтирүү, системага салуу.

**СИСТЕМАТИЗИ'РОВАТЬ** *сов и несов. что* системалоо, системага келтирүү, системага салуу (*ирэттөө, ирэтке салуу, тартиптөө*).

**СИСТЕМА'ТИКА** *ж.* систематика (**1.** *тиешелүү система боюнча кубулуштарды, нерселерди топ-тобу менен бөлүштүрүү*; **2.** *биол. организмдерди, алардын бири-бирине окшоштугу жана бири-биринен айырмасы жагынан изилдөөчү жана аларды группаларга бөлүүчү биологиялык дисциплина*).

**СИСТЕМАТИ'ЧЕСКИ** *нареч.* системалуу түрдө, дайым.

**СИСТЕМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*следующий системе*) системалуу; **системати́ческое изложе́ние фа́ктов** фактыларды системалуу баяндоо; **2.** (*постоянно повторяющийся*) системалуу түрдө; **системати́ческое выполне́ние пла́на** пландын системалуу түрдө орундалышы.

**СИСТЕМАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* системалуулук.

**СИСТЕМАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **системати́ческий.**

**СИ'ТЕЦ** *м.* чыт.

**СИ'ТЕЧКО** *ср. уменьш. от* **си́то** *разг.* элекче, кичинекей элек, чыпка элек.

**СИ'ТНИК** I *м. разг.* (*хлеб*) ак нан.

**СИ'ТНИК** II *м. бот.* ситник (*отоо чөптүн бир түрү*).

**СИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*просеянный*) эленген, электен өткөрүлгөн; **си́тная мука́** эленген ун; **2.: си́тный хлеб** ак нан; **3.** *в знач. сущ. м.* ак нан.

**СИ'ТО** *ср.* элек, элгек.

**СИТУА'ЦИЯ** *ж.* ситуация, жагдай; **сло́жная ситуа́ция** татаал ситуация

**СИ'ТЦЕВЫЙ,** -ая, -ое **ситец**-*ке т.*; **си́тцевое пла́тье** чыт көйнөк.

**СИТЦЕНАБИВНО'Й,** -а́я, -о́е *текст.* чытка түр салуучу; **ситценабивна́я фа́брика** чытка түр салуучу фабрика.

**СИТЦЕПЕЧА'ТАНИЕ** *ср. текст.* чытка машина менен түр салуу.

**СИТЦЕПЕЧА'ТНИК** *м.* чытка гүл түшүрүүчү (басуучу).

**СИТЦЕПЕЧА'ТНЫЙ,** -ая, -ое *текст.* чытка машина менен түр салуучу.

**СИ'ФИЛИС** *м. мед.* сифилис (*котон жара, кулгуна*).

**СИФИЛИ'ТИК** *м.* сифилитик (*котон жара, кулгуна оорулуу адам*).

**СИФИЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **сифилис**-*ке т.*; **сифилити́ческие я́звы** сифилис жаралары.

www.bizdin.kg

**СИФО'Н** *м.* сифон (1. *бир учун суюктук куюлган идишке салганда, экинчи башынан суюктук куюлуучу, ийилген түтүк;* 2. *газдуу жана минералдуу суулардын дымын чыгарбай турган түтүгү бар бөтөлкө;* 3. *ж.-д. паровоздун от жагыла турган жеринде оттун жакшы күйүшүн желдетип тездетүүчү прибор*).

**СИФО'ННЫЙ,** -ая, -ое **сифон**-*го т.*; сифондук; **сифо́нная тру́бка** сифондук түтүк, сифон түтүк.

**сих** *мест. род., вин. и предл. п. от* **сии́.**

**сию** *мест. вин. п. от* **сия́.**

**СИЯ'** *мест. женск. р. к* **сей.**

**СИЯ'НИЕ** *ср.* 1. жаркыроо, жаркылдоо, жылтылдоо; **сия́ние звёзд** жылдыздардын жаркылдашы; 2. *перен.* жаркылдоо, мыкты гүлдөө, эң сонун кооздук, көркөмдүк; **в сия́нии сла́вы** даңктын жаркынында; ◇ **се́верное сия́ние** түндүк жаркырагы

**СИЯ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* сиятельный (*монархиялык өлкөлөрдө — княздын же графтын титулуна ээ болгон адамга айтылуучу сөз*).

**СИЯ'ТЕЛЬСТВО** *ср. уст.* сиятельство (*монархиялык өлкөлөрдө — княздарды жана графтарды титулдары боюнча атоо, айтуу*).

**СИЯ'ТЬ** *несов.* 1. (*излучать свет*) жаркыроо, жаркылдоо, жылтылдоо; 2. *чем, от чего, перен.* (*о глазах, лице и т. п.*) жаркылдоо, күлүңдөө; **лицо́ сия́ет от ра́дости** кубанычтан жүзү жаркылдайт.

**СИЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **сия́ть;** 2. *прил.* жаркыраган, жаркылдаган, жылтылдаган; **сия́ющее со́лнце** жаркыраган күн; **с сия́ющим лицо́м** жаркылдаган жүз менен.

**СКАБИО'ЗА** *ж. бот.* скабиоза (*чөп өсүмдүктүн бир түрү*).

**СКАБРЁЗНОСТЬ** *ж.* 1. уятсыздык, адепсиздик; 2. (*неприличное слово, выражение*) уятсыз сөз, адепсиз сөз.

**СКАБРЁЗНЫЙ,** -ая, -ое уятсыз, адепсиз; **скабрёзный анекдо́т** уятсыз анекдот.

**СКАЗ** *м. лит.* жомок, баяндоо (*жазуучу же жомокчунун өз атынан айтылуучу баяндоо*); ◇ **вот тебе́ и весь сказ** *разг.* сага бардык айтарым эле ушу.

**СКАЗА'НИЕ** *ср. лит.* жомок, байыркынын аңгемеси.

**СКА'ЗАННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **сказа́ть; всё ска́занное вы́ше** жогоруда айтылгандын бардыгы.

**СКАЗА'ТЬ** *сов. что* айтуу, деш; **она́ сказа́ла пра́вду** ал чынын айтты; ◇ **так сказа́ть** *или* **мо́жно сказа́ть** *вводн. сл.* мындайча айтканда, деп айтууга болот, дешке болот; **скажи́те!** *или* **скажи́те, пожа́луйста!** *или* **скажи́те на ми́лость!** *разг.* койчу!, кантип эле!; **с позволе́ния сказа́ть** *разг.* ... сөрөй; көңүлгө албаңыз, жаман көрбөңүз; **э́тот, с позволе́ния сказа́ть, врач...** бул врач сөрөй...; **что́бы не сказа́ть бо́льше** ары жагын айтпаганда, ары жагын айтпай эле койгондо; **как сказа́ть** *разг.* кандай десем, ким билет, кандай болоору белгисиз; **к приме́ру сказа́ть** мисалы, мисал үчүн айтканда; **ска́зано — сде́лано** *разг.* айттым — болду; сөз бүттү.

**СКАЗА'ТЬСЯ** *сов.* 1. *на ком-чём, в ком-чём* (*проявиться*) болуу, пайда болуу, болуп чыгуу, ачылуу, билинүү, таасир кылуу; 2. *кем, разг.* (*объявить себя*) өзүн... деп көрсөтүү, ...болуп көрүнүү; **он сказа́лся больны́м** ал өзүн оорумун деп айтты; 3. *разг.* (*предупредить*) айтып коюу, билдирип коюу (*өзү тууралу*); **он ушёл, не сказа́вшись** ал айтып койбой кетип калды.

**СКАЗИ'ТЕЛЬ** *м.* жомокчу (*жомок айтуучу*).

**СКАЗИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **сказитель.**

**СКА'ЗКА** I *ж.* 1. жөө жомок; **наро́дные ска́зки** эл жомоктору, элдик жомоктор; 2. *перен.* (*нечто фантастическое, заманчивое*) сонун, укмуштуу сонун, жыргал; **не жизнь, а ска́зка** турмуш эмес, дегеле эң бир укмуштуу сонун, жыргал; 3. *чаще мн. разг.* (*неправда, ложь*) калп, жомок, кайдагы; **всё э́то — ска́зки** бул бүт куру эле жомок; ◇ **ска́зка про бе́лого бычка́** *погов. шутл.* баягы, баягы бай кожонун таягы.

**СКА'ЗКА** II *ж. ист.* (*список*) кишилердин аттары жазылган тизме.

**СКА'ЗОВЫЙ,** -ая, -ое **сказ**-*га т.*; **ска́зовые фо́рмы произведе́ния** чыгарманын баяндоо формалары.

**СКА'ЗОЧНИК** *м.* жомокчу, жөө жомокчу.

**СКА'ЗОЧНИЦА** *женск. р. к* **ска́зочник.**

**СКА'ЗОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. **сказка** I-*ге т.*; жомоктогу, жомокто учуроочу; 2. (*нереальный*) жомокто эле айтылуучу, болбогон, чындыкта жок, реалдуу эмес; 3. *разг.* (*исключительный, необыкновенный*) укмуштуу, сонун, жыргал; **ска́зочные бога́тства** укмуштуу байлыктар.

**СКАЗУ'ЕМОЕ** *ср. грам.* баяндооч.

**СКА'ЗЫВАТЬ** *несов.* деш, баяндоо, айтуу; **ска́зывали** дечү эле, деген кеп бар.

**СКА'ЗЫВАТЬСЯ** *несов. см.* **сказа́ться.**

**СКАКА'ЛКА** *ж.* секиргич (*эки учунан кармап секирип ойноочу, балдардын оюнчук жиби*).

**СКАКА'НИЕ** *ср.* 1. (*прыганье*) секирүү, ыргуу; 2. (*на лошади*) ат менен чабуу, атка чабуу, таскактатуу.

**СКАКА'ТЬ** *несов.* 1. (*прыгать, передвигаться прыжками*) секирүү, секирип-секирип чуркоо, секирип өтүү, ыргуу; **лягу́шка ска́чет** бака секирет; **скака́ть на одно́й ноге́** бир буту менен секирүү; 2. (*ехать быстро, вскачь*) ат менен чабуу, атка минип чабуу, таскактатуу; 3. *спорт.* (*участвовать в скачках*) ат чабышка катышуу.

**СКАКНУ'ТЬ** *однокр.* бир мертебе секирүү, бир мертебе ыргуу.

**СКАКОВО'Й,** -а́я, -о́е: **скаково́й приз** ат чабыш призи (байгеси); **скакова́я ло́шадь** байге аты, күлүк.

**СКАКУ'Н** *м.* 1. (*лошадь*) күлүк, күлүк ат; 2. *разг.* (*непоседа*) отурбас, көчүгү жерге тийбес адам.

**СКАЛА'** *ж.* аска, зоо, зоока.

**СКАЛИ'СТЫЙ,** -ая, -ое аскалуу, зоокалуу.

**СКА'ЛИТЬ** *несов.*: **ска́лить зу́бы** 1) тиш ырсайтуу, тиш арсайтуу; 2) *перен.* (*смеяться*) арсаңдап күлүү; 3) *перен.* (*насмехаться*) мазактоо, шылдыңдоо.

**СКА'ЛКА** *ж.* 1. (*напр. для теста*) үбөлүк; 2. *тех.* вал (*токуу станогундагы жумуру вал*).

**СКА'ЛЫВАНИЕ** I *ср.* (*льда и т. п.*) жарып алуу, чагып алуу, жарып түшүрүү (*мис. музду*).

**СКА'ЛЫВАНИЕ** II *ср.* (*булавками и т. п.*) төөнөө, төөнөп бекитүү, төөнөп кошуу.

**СКА'ЛЫВАТЬ** I *несов. см.* **сколо́ть** I.

**СКА'ЛЫВАТЬ** II *несов. см.* **сколо́ть** II.

**СКА'ЛЫВАТЬСЯ** I *несов.* 1. *см.* **сколо́ться** I; 2. *страд. к* **ска́лывать** I.

**СКА'ЛЫВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **сколо́ться** II; 2. *страд. к* **ска́лывать** II.

**СКАЛЬД** *м. ист.* скальд (*байыркы скандинавиялык ырчы-поэт*).

**СКАЛЬКИ'РОВАТЬ** *сов. что* 1. калькалаштыруу, калька кылуу (*бир нерсенин копиясын калькага түшүрүү, тартуу*); 2. *лингв.* калькалаштыруу (*бир тилден сөздү же сөз тизмегин сөзмө-сөз которуу*).

**СКАЛЬКУЛИ'РОВАТЬ** *сов. что* калькуляциялап коюу (*бир нерсенин калькуляциясын түзүү*).

**СКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. таштуу, шагылдуу, аскалуу; **ска́льный грунт** таштуу (шагылдуу) грунт; 2. таштуу, грунтта иштелүүчү, шагылдуу жерде жүргүзүлүүчү; **ска́льные рабо́ты** таштуу (шагылдуу) жерде иштелүүчү жумуш.

**СКАЛЬП** *м.* союп алынган баш тери.

**СКА'ЛЬПЕЛЬ** *м. мед.* скальпель (*хирургиялык бычак*).

**СКАЛЬПИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого* баш тери сыйруу.

**СКАМЕ'ЙКА** *ж. см.* **скамья́.**

www.bizdin.kg

**СКВЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое начар, эң начар, жаман, эң жаман.

**СКВИТА'ТЬСЯ** *сов. с кем, разг.* эсептешүү, такташуу.

**СКВОЗИ'ТЬ** *несов.* **1.** *безл.* (*о сквозном ветре*) өтүү (*бир тешиктен уруп, экинчи тешиктен чыгуу — шамал жөнүндө*); **2.** (*просвечивать*) бери жагынан караганда ары жагындагы нерсе көрүнүп туруу; **3.** (*виднеться, пробиваться — о свете*) көрүнүү, көрүнүп туруу (*жарык, шоола жөнүндө*); **через щель сквози́л свет ла́мпы** лампанын жарыгы тешиктин жылчыгынан көрүнүп турду; **4.** *перен.* (*явствовать, чувствоваться*) сезилүү, билинүү, байкалуу, көрүнүү; **недове́рие сквози́ло в его́ слова́х** анын сөзүнөн ишенбөөчүлүк көрүндү.

**СКВОЗНО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*проходящий насквозь*) өтмө; **сквозна́я дыра́** өтмө тешик; **сквозно́й прохо́д** өтмө жол; **сквозно́й двор** өтмө короо; эки жагында дарбазасы бар короо; **сквозно́й ве́тер** өтмө шамал; **2.** *разг.* (*без пересадок*) туура баруучу, пересадкасыз; **сквозно́й по́езд** туура (пересадкасыз) баруучу поезд; ◇ **сквозна́я брига́да** өндүрүштүн бардык моменттерин иштөөчү бригада.

**СКВОЗНЯ'К** *м.* өтмө шамал (*бир тешиктен уруп, экинчисинен чыккан шамал*).

**СКВОЗЬ** *предлог с вин. п.* теше, өтө; ◇ **смотре́ть сквозь па́льцы** көрүп, билип туруп көрмөксөн болуу (*мис. кылмыштуу иши*); **сло́вно сквозь зе́млю провали́лся** жерге киргендей житип жоголду; **говори́ть сквозь зу́бы** тиштенип, кыжыры кайнап сүйлөө.

**СКВОРЕ'Ц** *м.* чыйырчык, кара кучкач.

**СКВОРЕ'ЧНИК** *м.* чыйырчыктын уясы (*кол менен жасалган чыйырчыктын уясы*).

**СКВОРЕ'ЧНИЦА** *ж. см.* **скворе́чник.**

**СКВОРЕ'ЧНЯ** *ж.* чыйырчык уясы.

**СКЕЛЕ'Т** *м.* **1.** *анат.* скелет (*адамдын жана башка жаныбарлардын этсиз сөөгү*); **скеле́т челове́ка** кишинин скелети; **2.** (*основа, каркас*) скелет, негиз, каркас; **железобето́нный скеле́т зда́ния** имараттын темир-бетон скелети; **3.** *перен.* скелет, сөөк, сүлдөр (*өтө арык киши*); **обрати́ться в скеле́т** сөөгү гана калуу (*өтө арыктоо*).

**СКЕЛЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **скелет** 1-*ге т.*

**СКЕ'ПСИС** *м.* скепсис (*ишенбөөчүлүк менен кароо*).

**СКЕ'ПТИК** *м.* скептик (**1.** *филос. скептицизмди жолдоочу*; **2.** *перен. бардык нерсеге шек көз менен караган, шек келтирген*).

**СКЕПТИЦИ'ЗМ** *м.* скептицизм (**1.** *филос. идеалисттик философиялык агым; бул — объективдүү дүйнөнү таануу мүмкүн эмес дейт*; **2.** *перен. критикалык-ишенбөөчүлүк менен мамиле кылуу*).

**СКЕПТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **скептицизм** 2-*ге т.*; **скепти́ческая усме́шка** шектенүүнү билдирген күлүмсүрөө.

**СКЕПТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* скептиктик, ишенбегендик, шектенгендик.

**СКЕПТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **скепти́ческий.**

**СКЕ'РЦО** *ср. нескл. муз.* скерцо (*кебүнчө симфония же сонатага экинчи же үчүнчү кылып кошулуп ойнолуучу ылдам темптеги сергек чыгарма*).

**СКЕТЧ** *м.* скетч (*тамашалуу мазмундагы кыска эстрадалык пьеса*).

**СКИ'ДКА** *ж.* **1.** скидка (*жеңилдик; товардын баасын бир аз арзандатуу*); **прода́жа това́ров со ски́дкой** товарды скидка менен сатуу; **2.** (*послабление*) бошоңдоткон талап; **рабо́тать без ски́док на тру́дность** кыйын деп, талапты бошоңдотпоо.

**СКИ'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **ски́нуть.**

**СКИ'НУТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*сбросить*) ыргытып түшүрүү; **2.** *что* (*одежду*) чечүү, булкуп чечүү, силкип чечүү (*кийимди, өтүктү*); **3.** *что, разг.* (*сбавить — напр. цены*) кемитүү; **4.** *что, карт.* таштоо.

**СКИ'ПЕТР** *м.* скипетр (*падышанын асасы*).

**СКИПЕ'ТЬСЯ** *сов.* эрий баштоо, томолоктошуп эрий баштоо (*мис. темир ж. б.*).

**СКИПИДА'Р** *м.* скипидар (*ийне жалбырактуу жыгачтардын чайырларынан жасалуучу суюктук*).

**СЛО'ВО** *ср.* **1.** сөз; **рассказа́ть в немно́гих слова́х** аз сөз менен айтып берүү; **они́ по́няли друг дру́га без слов** алар бирин-бири сүйлөшпөй эле түшүнүштү; **заключи́тельное сло́во** корутунду сөз; **свобо́да сло́ва** сөз эркиндиги; **сказа́ть своё ве́ское сло́во** өзүнүн маанилүү сөзүн айтуу; **дать сло́во** сөз берүү, убада кылуу; **рома́нс на слова́ Ле́рмонтова** Лермонтовдун сөздөрүнө жазылган романс; **одни́ слова́** куру эле сөз; **перейти́ от слов к де́лу** сөздөн ишке өтүү; **2.** *лит. уст.* баяндоо, аңгеме; **«Сло́во о полку́ И́гореве»** «Игордун полку жөнүндө сөз» (*князь Игордун полку жөнүндө баяндоо*); ◇ **господи́н своего́ сло́ва** өз сөзүнө кожоюн; **крыла́тые слова́** *см.* **крыла́тый; дар сло́ва** 1) (*способность говорить*) сүйлөөгө жөндөмдүүлүк; 2) (*красно.*

www.bizdin.kg

*речие*) чечендик; **набо́р слов** келжирек сөздөр; маанисиз сандырак; **одни́м сло́вом** *вводн. сл.* сөздүн кыскасы, бир сөз менен айтканда; **други́ми (ины́ми) слова́ми** *вводн. сл.* башкача айтканда; **свои́ми слова́ми** өз сөзү менен (*айтуу, аңгеме кылып берүү*); **сло́во в сло́во** сөзмө-сөз, так өзүндөй; **сло́во за́ слово** сөздөн сөз чыгып отуруп; **не находи́ть слов** *для чего-л. бир нерсеге* ылайыктуу сөз таба албоо; **живо́го сло́ва не услы́шать** айланада таптакыр эч ким жок, жапа-жалгыз болуу; как эткен карга, кук эткен кузгун жок болуу; **без да́льних слов** артык баш сөз кылбастан, көп келжиребей; **не лезть за сло́вом в карма́н** сөздөн өнөгүн алдырбоо, **к сло́ву сказа́ть** *вводн. сл.* сөз келгенде айта кетүү керек, баса; **пойма́ть** *кого-л.* **на сло́ве** *бирөөнү* сөзүнөн кармоо; **на слова́х** 1) (*устно*) оозеки; **переда́ть на слова́х** оозеки айтуу, 2. (*не на деле*) ооз менен, ооз жүзүндө гана; **по после́днему сло́ву (нау́ки и те́хники)** (илимдин жана техниканын) кийинки жетишкендиктери боюнча; **сло́во — не воробе́й, вы́летит — не пойма́ешь** *посл.* айткан сөз — аткан ок (*айткан сөздү кайтара албайсың*); **слов нет** *разг.* сөзсүз, албетте; **по слова́м** сөзүнөн, сөзүнө караганда; **к сло́ву пришло́сь** ыгы (жөнү, оцтою) келе калды; **в двух слова́х** бир-эки ооз сөз менен.

**СЛОВОИЗМЕНЕ́НИЕ** *ср. лингв.* сөздүн формасынын өзгөрүшү (*мис.* үй-гө бар-са-ң *ж. б.*).

**СЛОВОЛИ́ТНЫЙ**, -ая, -ое: **словоли́тное произво́дство** *тех.* арип куюу ишканасы.

**СЛОВОЛИ́ТНЯ** *ж. тех.* арип куйгуч (*типография шрифттерин куюучу ишкана*).

**СЛО́ВОМ** *вводн. сл.* сөздүн кыскасы, бир сөз менен айтканда.

**СЛОВООБРАЗОВА́НИЕ** *ср. лингв.* сөз түзүү, тилде сөздөрдүн түзүлүш жолдору (*мис.* жакшы-лык, тут-ул-уу *ж. б.*).

**СЛОВООБРАЗОВА́ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **словообразование**-*ге т.*; сөз түзүүчү; **словообразова́тельный су́ффикс** сөз түзүүчү суффикс (*мис.* «чы» — жылкы + чы *ж. б.*).

**СЛОВООХО́ТЛИВОСТЬ** *ж.* сөзмөрдүк, кепкордук.

**СЛОВООХО́ТЛИВЫЙ**, -ая, -ое сөзмөр, кепкор.

**СЛОВОПРЕ́НИЕ** *ср. разг.* курулай айтыш.

**СЛОВОПРОИЗВО́ДНЫЙ**, -ая, -ое **словопроизводство**-*го т.*

**СЛОВОПРОИЗВО́ДСТВО** *ср. лингв.* сөз жасоо (*уңгудан, негизги сөздөрдөн сөз жасоо; мис.* жылкы + чы + лык = жылкычылык *ж. б.*).

**СЛОВОРАЗДЕ́Л** *м. лингв.* сөз бөлгүч (*сүйлөп жаткан кезде бир сөздүн бүтүп, экинчи сөздүн башталган жери*).

**СЛОВОСОЧЕТА́НИЕ** *ср.* жамдаш сөздөр (*маани же форма жагынан бир-бири менен жамдаш жүрүүчү сөздөр түркүмү, мис. айкындооч менен айкындалуучу сөздөр, ээ менен баяндооч сөздөр*); **усто́йчивые словосочета́ния** туруктуу сөз айкашуу.

**СЛОВОТВО́РЧЕСТВО** *ср.* сөз жасоочулук (*атайы эле жаңы сөз жасоочулук*).

**СЛОВОУПОТРЕБЛЕ́НИЕ** *ср.* речте сөздөрдү колдонуу.

**СЛОВЦО́** *ср. разг.* сөз; **наси́лу-то он сло́вцо́ вы́молвил** оозунан сөз араң эле чыкты; ◇ **для кра́сного словца́** кооздук үчүн айта салган сөз.

**СЛОГ** *м.* 1. *лингв.* муун; 2. (*стиль письма, речи*) стиль.

**СЛОГОВО́Й**, -а́я, -о́е **слог** 1-*ге т.*; **слогово́е письмо́** айрым тыбыштар эмес, бүтүн муундар көрсөтүлгөн жазуу.

**СЛОГООБРАЗУ́ЮЩИЙ**, -ая, -ее *лингв.* муун түзүүчү (*тыбыштар жөнүндө*).

**СЛОГОРАЗДЕ́Л** *м. лингв.* сөздөгү муундардын ортосундагы чек.

**СЛОЁНЫЙ**, -ая, -ое каттама (*мис. токоч*); **слоёное те́сто** каттама камыр.

**СЛОЖЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кошуу; **сложе́ние сил** *физ.* күчтөрдү кошуу; 2. (*телосложение*) түзүлүш (*дененин түзүлүшү*); **челове́к кре́пкого сложе́ния** чымыр киши.

**СЛОЖИ́ТЬ** *сов. что* 1. (*положить вместе*) иреттеп жыйуу, салуу (*мис. нерселерди сандыкка*); 2. *мат., физ.* кошуу; **сложи́ть два числа́** эки санды кошуу; 3. (*собрать из частей*) чогултуу, жасоо, куроо (*мис. айрым бөлүктөрдөн машина жыйноо*); 4. (*сочинить*) жамактоо, түзүү (*мис. ыр, жомок*); 5. (*снять*) түшүрүү, алуу (*мис. арабадан*); 6. *перен.* бошотуу, алып таштоо (*мис. жоопкерчиликти*); **сложи́ть с себя́ отве́тственность** жоопкерчиликти өз мойнунан алып таштоо; 7. (*уложить в каком-л. виде*) бүктөө, бүгүү; **сложи́ть пла́тье** көйнөктү бүктөө; ◇ **сложи́ть го́лову** каза табуу (*өлүү*); **сложи́ть ору́жие** куралды таштоо (*багынуу*); **сиде́ть сложа́ ру́ки** бекер жүрүп, эч нерсе кылбоо; **сложи́ть ру́ки** эки колун куушуруп, чара көрбөй отура берүү; **он сложи́л ру́ки на груди́** ал колун көкүрөгүнө алды.

**СЛОЖИ́ТЬСЯ** *сов.* 1. (*образоваться, создаться*) түзүлүү, болуу; **обстоя́тельства сложи́лись благоприя́тно** кырдаал жагдайлуу болду; **как сло́жатся обстоя́тельства** кырдаалга жараша; 2. (*сформироваться*) токтолуу, жетилүү, баралына келүү, бир калыпка келүү; **хара́ктер его́ ещё не сложи́лся** анын мүнөзү бир калыпка келе элек; 3. *разг.* (*устроить складчину*) жыйыш кылуу, ортодон акча жыйуу (*мис. бир нерсени сатып алуу үчүн*).

**СЛО́ЖНО** 1. *нареч.* кыйын, татаал; 2. *в знач. сказ.* кыйын, татаал; **э́то о́чень сло́жно** бул абдан татаал.

**СЛОЖНОПОДЧИНЁННЫЙ**, -ая, -ое: **сложноподчинённое предложе́ние** *грам.* татаал багыныңкы сүйлөм.

**СЛОЖНОСОЧИНЁННЫЙ**, -ая, -ое **сложносочинённое предложе́ние** *грам.* татаал бирикме сүйлөм.

**СЛО́ЖНОСТЬ** *ж.* 1. татаалдык (*бир нече бөлүктөн түзүлгөндүк*); 2. (*трудность*) кыйындык, татаалдык; ◇ **в о́бщей сло́жности** бардык болгону, бардыгын алганда.

**СЛОЖНОЦВЕ́ТНЫЕ** *мн.* (*ед.* **сложноцве́тное** *ср.*) *бот.* татаал гүлдүүлөр (*өсүмдүктөрдүн түркүмү*).

**СЛО́ЖНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*составной*) татаал (*кошунду, бөлүктөрдөн түзүлгөн*); **сло́жное вещество́** татаал зат; **сло́жное сло́во** *грам.* татаал сөз; **сло́жное предложе́ние** *грам.* татаал сүйлөм; 2. (*многообразный по составу, связям*) татаал; **сло́жный проце́сс разви́тия** өрчүштүн татаал процесси; 3. (*трудный*) кыйын, татаал (*мис. маселе, иш*).

**СЛОИ́СТОСТЬ** *ж.* катмардуулук, кабаттуулук, кат-кат болуп тургандык.

**СЛОИ́СТЫЙ**, -ая, -ое катмардуу, кабаттуу, кат-кат.

**СЛОИ́ТЬ** *несов. что* катмарлоо, кабаттоо, кат-кат кылуу; **слои́ть те́сто** камырды кат-кат кылуу.

**СЛОИ́ТЬСЯ** *несов.* 1. катмарлануу, кабатталуу; 2. *страд. к* **слои́ть**.

**СЛОЙ** *м.* 1. катмар, кабат, кат; **ве́рхние слои́ по́чвы** топурактын үстүңкү кабаттары; 2. *перен.* катмар (*элдин, коомдун топтору жөнүндө*); **широ́кие слои́ населе́ния** элдин калың катмарлары.

**СЛО́ЙКА** *ж.* каттама (*токоч*).

**СЛОМ** *м.* 1. бузуу; сындыруу; **э́тот ста́рый дом предназна́чен на слом** бул эски үй бузуп ташталууга арналган; 2. (*место*) сынып кеткен жери (*бир нерсенин сынып кеткен жери*).

**СЛОМА́ТЬ** *сов. кого-что* бузуу (*напр. дом*); сындыруу, талкалоо, үзүү; **слома́ть постро́йку** имаратты бузуу; **слома́ть но́гу** бутту сындыруу; **слома́ть ве́тку** бутак сындыруу; ◇ **слома́ть себе́ ше́ю** арка мойну астында калуу.

**СЛОМА́ТЬСЯ** *сов:* бузулуу; сынуу, кыйроо, талкалануу; **замо́к слома́лся** кулпу сынып калды.

**СЛОМИ́ТЬ** *сов.* 1. *что* сындырып алуу (*мис. бутакты*); 2. *кого-что, перен.* мизин кайтаруу, жеңүү, басып келүү; **сломи́ть сопротивле́ние врага́** душмандын каршылык көрсөтүүсүнүн мизин кайтаруу; ◇ **сломя́ го́лову** жоо куугандай.

www.bizdin.kg

**СЛОМИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *уст.* (*сломаться*) сынуу, сынып түшүү; 2. *перен.* алдан таюу, күчтөн таюу.

**СЛОН** *м.* 1. пил; 2. *шахм.* слон (*шахмат оюнундагы фигуралардын бири*); ◇ **де́лать из му́хи слона́** арадай жерге чарадай жыйын куруу; «саман учуп келатат» десе, «Самарканды жоо чаап тыр» деп, чуу салуу; **слона́ не приме́тить** төөнү көрбөө.

**СЛОНЁНОК** *м.* пилдин ботосу, пилдин баласы.

**СЛОНИ'ХА** *ж.* ургаачы пил, пилдин ургаачысы.

**СЛОНО'ВОСТЬ** *ж. мед.* теринин жана анын астындагы клетчатканын калың болуп кетиши (*оорунун бир түрү*).

**СЛОНО'ВЫЙ**, -ая, -ое **слон** 1-*ге т.*; **слоно́вая кость** пил сөөгү (*пил азуусу*); ◇ **слоно́вая бума́га** пил кагазы (*бети бүдырыраак, сүрөт тартууга арналган тыгыз кагаз*); **слоно́вая боле́знь** *см.* **слоно́вость.**

**СЛОНЯ'ТЬСЯ** *несов. разг.* бекерчиликтен сандалып жүрүү, эшек такалап жүрүү.

**СЛО'ПАТЬ** *сов. кого-что, разг.* жалмоо, жалмап жеп жиберүү.

**СЛУГА'** *м.* 1. *уст.* кызматчы (*биреөнүн эшигинде кызмат кылуучу киши*); 2. *перен.* кызматчы (*биреөнүн эркин, буйругун толук аткарган адам*); **депута́т — слуга́ наро́да** депутат — элдин кызматчысы.

**СЛУЖА'КА** *м. разг.* тажрыйбалуу, ишти тырышып иштеген кызматчы.

**СЛУЖА'НКА** *женск. р. к* **слуга́** 1.

**СЛУ'ЖАЩИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **служи́ть;** 2. *прил.* кызмат кылуучу; 3. *в знач. сущ. м., ж.* кызматкер; **сове́тский слу́жащий** советтик кызматкер.

**СЛУ'ЖБА** *ж.* 1. кызмат; **слу́жба наро́ду** элге кызмат кылуу; **действи́тельная слу́жба** аскер кызматы; 2. (*должность*) кызмат, иш; **поступи́ть на слу́жбу** кызматка кирүү; 3. (*место работы*) кызмат кылган жер, иштеген жай; **где ва́ша слу́жба?** кызмат жайыңыз кайда?; 4. (*область, отрасль работы*) кызмат (*иштин атайын бир тармагын аткаруучу, мекеменин бөлүмү*); **слу́жба свя́зи** байланыш кызматы; 5. **слу́жбы** *мн. уст.* (*подсобные строения*) имараттар (*чоң үйдүн короосундагы түрдүү имараттар: кызматкерлер туруучу үй, аткана ж. б.*); ◇ **не в слу́жбу, а в дру́жбу** *погов.* кичи бейилдикке, кол жалгап коюңуз; милдет үчүн эмес, достук үчүн; **сослужи́ть** *кому-л.* **слу́жбу** *бирөөгө* кызмат көрсөтүү.

**СЛУЖБИ'СТ** *м. разг. уст.* өтө тырышчаак, бирок өзүнүн кызматтык милдеттерине эң эле формалдуулук менен мамиле кылуучу киши.

**СЛУЖЕ'БНЫЙ**, -ая, -ое 1. **служба**-*га т.*; **служе́бное положе́ние** кызмат абалы; 2. (*вспомогательный*) жардамчы, көмөкчү; **служе́бная роль** жардамчы роль (*башкы роль эмес*); **служе́бное сло́во** *грам.* көмөкчү сөз (*мис.* үчүн, менен, тууралу *ж. б.*).

**СЛУЖЕ'НИЕ** *ср.* кызмат кылуу; **служе́ние ро́дине** родинага кызмат кылуу.

**СЛУЖИ'ЛЫЙ**, -ая, -ое: **служи́лые лю́ди** *ист.* согуш кызматындагы адамдар.

**СЛУЖИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. *уст.* (*слуга*) малай; 2. *офиц. уст.* (*работник в какой-л. области*) кенже кызматчы; 3. *высок.* кызматчы; **служи́тель нау́ки** илим кызматчысы; ◇ **служи́тель ку́льта** *церк.* дин кызматкери.

**СЛУЖИ'ТЬ** *несов.* 1. *кому-чему* кызмат кылуу, эмгек сиңирүү, иштөө; **служи́ть наро́ду** элге кызмат кылуу, эл үчүн иштөө; **служи́ть нау́ке** илимге кызмат кылуу; **служи́ть ве́рой и пра́вдой** чын дили менен кызмат кылуу; 2. *кем-чем* (*состоять на службе*) кызмат кылуу, кызмат аткаруу, иштөө; **служи́ть секретарём** секретарь болуп иштөө; **служи́ть в министе́рстве** министерстводо кызмат кылуу; **служи́ть в а́рмии** армияда кызмат кылуу; 3. *чем* (*быть, являться*) болуп кызмат кылуу; **профсою́зы слу́жат шко́лой коммуни́зма** профсоюздар коммунизмдин мектеби болуп кызмат кылат; 4. *для чего, чем* (*быть пригодным*) милдетти аткаруу, болуп эсептелүү, керек болуу; жумшалуу, кызмат көрсөтүү; **э́та ко́мната слу́жит библиоте́кой** бул бөлмө китепкана болуп турат; 5. *что, церк.* намаз аткаруу, намаз башкаруу (*ыймам, поп жөнүндө*); 6. (*стоять на задних лапах — о собаках*) алдыңкы бутун көтөрүп, чочоюп отуруу (*ит*).

**СЛУКА'ВИТЬ** *сов.* арамдык кылуу, эки жүздүүлүк кылуу, амалдоо.

**СЛУПИ'ТЬ** *сов. что, прост.* 1. сыйруу, сыдыруу, ажыратуу, күйшөө; **слупи́ть шелуху́ с зерна́** эгиндин кабыгын ажыратуу; 2. *с кого, перен.* өтө кымбат алуу, тоноп (сыйрып) алуу.

**СЛУПИ'ТЬСЯ** *сов. прост.* 1. (*шелушиться*) сыйрылуу, кесилүү, жарылуу, айрылуу; 2. кабарып (жарылып, сыйрылып) түшүү; **кра́ска со стены́ слупи́лась** дубалдын боёгу сыйрылып түштү.

**СЛУХ** *м.* 1. угуу; **у́хо — о́рган слу́ха** кулак — угуу органы; **о́стрый слух** курч кулак; **развива́ть слух** угууга машыгуу; **петь по слу́ху** укканы боюнча ырдоо (*нотасыз*); 2. *перен.* (*молва, изве́стие*) кабар, дарек; **о нём до́лго не́ было слу́ха** ал жөнүндө көптөн бери кабар жок эле; **по слу́хам, он уже́ вы́ехал** уккан кабарга караганда, ал жолго чыгыптыр; ◇ **ни слу́ху ни ду́ху** таптакыр дареги жок; **обрати́ться в слух** кулак түрүп тыңшоо; **слу́хом земля́ по́лнится** *посл.* жер кулагы жети кат.

**СЛУХА'Ч** *м. разг.* угар кулак (*радио сигналдарын угуп туруп кабыл алуучу радио байланышынын кызматкери*).

**СЛУХОВО'Й**, -а́я, -о́е **слух** 1-*ге т.*; **слухово́й нерв** угуу нерви; **слухово́й о́рган** угуу органы; ◇ **слухово́е окно́** үйдүн чатырындагы терезе.

**СЛУ'ЧАЙ** *м.* 1. (*происшествие*) окуя, иш, учур; **стра́нный слу́чай** таң калардык окуя; **несча́стный слу́чай** кырсык иш; 2. (*подходящее обстоятельство*) учур, кез, туш, ыңгай; **удо́бный слу́чай** ыңгайлуу учур; **предста́вился слу́чай** ыңгайы келип калды; **упусти́ть слу́чай** учурдан пайдалана албай калуу; **отложи́ть разгово́р до друго́го слу́чая** сүйлөшүүнү кийинкиге калтыруу; 3. *разг.* (*случайность*) кокустук; **э́то то́лько слу́чай** бул жөн эле кокустук; ◇ **в слу́чае** кокустан, эгерде, учурда, бирдеме болсо; **в слу́чае чего́** *разг.* кокустан бирдеме болсо; **в слу́чае чего́, неме́дленно пиши́те** кокустан бирдеме болсо, ошол замат жазыңыз; **на вся́кий слу́чай** *см.* **вся́кий; во вся́ком слу́чае** *см.* **вся́кий; в тако́м слу́чае** эгерде мындай болсо, эгер мындай боло турган болсо; **в отде́льных слу́чаях** кээ бир учурларда; **на слу́чай не бар,** не жок; кокустан; эгерде; **на все слу́чаи жи́зни** турмуштун бардык учуруна; **в кра́йнем слу́чае** жок дегенде, деле айла кетип баратса, эч болбогондо; **ни в ко́ем слу́чае** эч убакта, эч бир, эч качан; **по слу́чаю** 1) (*вследствие*) себептүү, -дыктан; **по слу́чаю дождя́** жамгыр жаап калгандыктан; 2) (*случайно*) күтпөгөн жерден, кокусунан.

**СЛУЧА'ЙНО** 1. *нареч.* (*непредвиденно*) кокустан, атайы эмес; **я случа́йно встре́тился с ним** мен аны менен кокустан кездешип калдым; 2. *в знач. вводн. сл.; разг.* (*между прочим*) кокустан болуп жүрбөсүн; **у вас, случа́йно, нет ли э́той кни́ги?** сизде ушул китеп бар болуп жүрбөсүн?; ◇ **не случа́йно** бул кокусунан болгон иш эмес.

**СЛУЧА'ЙНОСТЬ** *ж.* кокустук, кокусунан болгондук; **по счастли́вой случа́йности я зашёл сюда́** мен, ондой берди болуп, кокусунан мында кирип калдым; **помеша́ла случа́йность** кокустук тоскоол болду.

**СЛУЧА'ЙНЫЙ**, -ая, -ое кокус, кокустан, атайлап эмес; **случа́йная оши́бка** кокустан кетирилген ката; **случа́йная встре́ча** кокустан болгон кезигишүү; **случайный за́работок** кокусунан иштеп табылган акча.

**СЛУЧА'ТЬ** *несов. см.* **случи́ть.**

**СЛУЧА'ТЬСЯ** I *несов. см.* **случи́ться** I.

**СЛУЧА'ТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **случи́ться** II; 2. *страд. к* **случа́ть.**

www.bizdin.kg

**СЛУЧИ'ТЬ** *сов. кого* (*животных*) куудуруу (*каратуу, чегөрүү ж. б.*).

**СЛУЧИ'ТЬСЯ** I *сов* 1. (*произойти*) болуу; **что случи́лось?** эмне болду?, эмне болуп кетти?; **что бы ни случи́лось** эмне болсо дагы; кандай гана болсо да; 2. *безл. кому с неопр.* (*выпасть на долю*) туура келүү; **случи́лось мне ка́к-то ночева́ть в лесу́** бир кезде мага токойдо түнөөгө туура келип калды.

**СЛУЧИ'ТЬСЯ** II *сов.* (*о животных*) куудурулуу (*каратылуу, чегөрүлүү ж. б.*).

**СЛУ'ЧКА** *ж.* куут, куудуруу (*каратуу, чегөрүү ж. б.*).

**СЛУЧНО'Й,** -а́я, -о́е **случка**-*га т.*; **случно́й пункт** куудуруу пункуту; **случна́я кампа́ния** куут кампаниясы.

**СЛУ'ШАНИЕ** *ср.* 1. угуу, тыңшоо; **слу́шание ле́кций** лекция угуу; 2. *юр.* каралуу; **слу́шание де́ла** иштин каралышы.

**СЛУ'ШАТЕЛЬ** *м.* 1. угуучу, тыңшоочу; **слу́шатель конце́рта** концерт угуучу; 2. (*учащийся*) окуучу; **слу́шатель вече́рних ку́рсов** кечки курстун окуучусу.

**СЛУ'ШАТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **слу́шатель.**

**СЛУ'ШАТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*воспринимать слухом*) угуу, тыңшоо; **слу́шать конце́рт** концерт угуу; **слу́шать расска́зчика** аңгемечинин сөзүн угуу; 2. *что, юр.* кароо; **слу́шать де́ло в суде́** ишти сотто кароо; 3. *что* (*проходить курс наук*) угуу, өтүү; **слу́шать ле́кции профе́ссора** профессордун лекцияларын угуу; 4. *кого-что* (*следовать указаниям*) тил алуу, көнүү; **он во всём слу́шал отца́** ал дайым атасынын тилин алчу; ◇ **слу́шаю!** (*ответ по телефону*) тыңшап жатам!, угуп жатам!; **слу́шай!** угуп тур!, кулак сал!; **слу́шайте!** угуп туруңуз!, угуп тургула!; **слу́шай, будь смеле́е!** ой, кайраттуу тур!

**СЛУ'ШАТЬСЯ** *несов.* 1. *кого-чего* тил алуу; **ребёнок слу́шается роди́телей** бала эне-атасынын тилин алат; 2. *страд. к* **слу́шать** 1, 2, 3.

**СЛЫТЬ** *несов. кем-чем, за кого-что* болуп эсептелүү, аты чыгуу, атка конуу; **он слывёт люби́телем му́зыки** ал музыканы сүйүүчү болуп эсептелет.

**СЛЫХА'ТЬ** *разг.* 1. *несов. см.* **слы́шать;** 2. *безл. в знач. сказ.* угуу, угулуу; **о нём ничего́ не слыха́ть** ал жөнүндө эч нерсе угулбайт; 3. *в знач. вводн. сл.* кебетеси, калыбы; **у него́, слыха́ть, всё в поря́дке** анын иши, кебетеси, жайында окшойт.

**СЛЫ'ХИВАТЬ** *многокр. разг.* угуу; **слы́хивал я не раз э́ту исто́рию** мен бул окуяны нечен жолу уккамын.

**СЛЫ'ХОМ** *нареч. разг.*: **слы́хом не слыха́ть** такыр кулак укпаган; **он слы́хом не слыха́л об э́тих веща́х** бул нерселер жөнүндө ал эч качан уккан эмес.

**СЛЫ'ШАТЬ** *несов. кого-что* 1. угуу; **я слы́шу его́ го́лос** мен анын үнүн угуп жатам; **одни́м у́хом он не слы́шит** анын бир кулагы укпайт; 2. (*обладать сведениями*) угуу; **я слы́шал, что он ско́ро прие́дет** мен аны жакында келет деп уктум эле; 3. *перен.* (*чувствовать*) билүү, сезүү; **слы́шен за́пах цвето́в** гүлдөрдүн жыты келип турат.

**СЛЫ'ШАТЬСЯ** *несов.* 1. угулуу, угулуп туруу; **из са́да слы́шится пе́ние** бактан ырдаган үн угулуп турат; 2. *перен.* (*чувствоваться, обнаруживаться*) билинүү, сезилүү; **в его́ слова́х слы́шалась ра́дость** ичинен кубанганы анын сөзүнөн билинип турду.

**СЛЫ'ШИМОСТЬ** *ж.* угулуш; **хоро́шая слы́шимость радиопереда́чи** радио аркылуу берүүлөрдүн жакшы угулушу.

**СЛЫ'ШИМЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **слы́шать;** 2. *прил.* угулуучу.

**СЛЫ'ШНО** 1. *безл. в знач. сказ.* угулат; **отсю́да хорошо́ слы́шно** бул жерден жакшы угулат; **о нём давно́ ничего́ не слы́шно** ал жөнүндө көптөн бери эч нерсе угулбайт; 2. *в знач. вводн. сл. разг.* (*как говорят*) деп айтышат; **в э́том году́, слы́шно, бу́дет хоро́ший урожа́й** быйыл түшүм жакшы болот деп айтышат.

**СЛЫ'ШНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*различимый слухом*) угулган; **е́ле слы́шный го́лос** араң эле угулган үн; 2. *кратк. форма* (*раздаётся, звучит*) угулган, угулат; **слы́шны вы́стрелы** мылтыктын атылгандары угулат.

**СЛЮДА'** *ж.* слюда (*катмардуу тунук минерал*).

**СЛЮ'ДИСТЫЙ,** -ая, -ое слюдалуу.

**СЛЮДЯНО'Й,** -а́я, -о́е **слюда**-*га т.*

**СЛЮНА'** *ж.* шилекей; **бры́згать слюно́й** шилекейин чачыратуу; **пуска́ть слю́ни** шилекейин агызуу.

**СЛЮНИ'ТЬ** *несов. что, разг.* шилекейлөө, шилемейлөө, түкүрүктөө; **слюни́ть па́льцы** бармактарды шилекейлөө (шилемейлөө).

**СЛЮ'НКА** *ж. уменьш. от* **слюна́** шилекей; ◇ **у меня́ слю́нки теку́т** менин шилекейим агып жатат, шилекейим түшөт.

**СЛЮ'ННЫЙ,** -ая, -ое **слюна**-*га т.*; **слю́нные же́лезы** шилекей бездери.

**СЛЮНООТДЕЛЕ'НИЕ** *ср. физиол.* шилекей чыгаруу, шилекей бөлүп чыгаруу.

**СЛЮНОТЕЧЕ'НИЕ** *ср.* шилекей агуу, шилекей чубуруу, шилекей келүү.

**СЛЮНТЯ'Й** *м. разг.* 1. шилекей ооз; 2. *перен. презр.* эмпарбай, шалтурук.

**СЛЮНЯ'ВЫЙ,** -ая, -ое шилекейи чубурган, шилекейи балжыраган.

**СЛЯБ** *м. тех.* сляб (*зор кысkыч станда — слябингде — жасалган жалпак болот заготовка*).

**СЛЯ'БИНГ** *м. тех.* слябинг (*жалпак болот заготовкалар жасоочу кубаттуу, кучтүү кысkыч стан*).

**СЛЯ'КОТЬ** *ж.* ылай, ылай баткак; **осе́нняя сля́коть** күзгү ылай; **на дворе́ сля́коть** сыртта жер ылай.

**СМА'ЗАТЬ** *сов.* 1. *кого-что* майлоо, сыйпоо; **сма́зать колёса дёгтем** дөңгөлөктөрдү кара май менен майлоо; **сма́зать поре́з йо́дом** кесикке йод сыйпоо, кесилген жерге йод сыйпоо; 2. *что, перен. разг.* (*сделать неотчётливым, неясным*) будамайлоо, ачык кылып койбоо; **сма́зать вопро́с** маселени будамайлоо, маселени ачык кылып койбоо; 3. *кого-что, перен. груб.* (*ударить*) коюп жиберүү.

**СМА'ЗКА** *ж.* 1. (*смазывание*) майлоо; **сма́зка колёс** дөңгөлөктөрдү майлоо; 2. (*вещество*) май, майлагыч май.

**СМАЗЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое жылмакай, жакшынакай, татынакай; **смазли́вое ли́чико** татынакай өң.

**СМАЗНО'Й,** -а́я, -о́е майланма; **смазны́е сапоги́** майланма өтүк.

**СМА'ЗОЧНЫЙ,** -ая, -ое майлагыч; **сма́зочные материа́лы** майлагыч материалдар.

**СМА'ЗЧИК** *м.* майлоочу (*механизмдерди майлоочу жумушчу*).

**СМА'ЗЧИЦА** *женск. р. к* **сма́зчик.**

**СМА'ЗЫВАНИЕ** *ср.* 1. майлоо, сыйпоо; 2. *перен. разг.* будамайлоо, ачык кылып койбоо (*маселени*).

**СМА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **сма́зать.**

**СМАК** *м. разг.* 1. (*вкус*) даам, маңыз, шире, маза; **есть** *что-л.* **со сма́ком** *бир нерсени* маза кылып, даамын алып, тамшанып (жакшы көрүп) жеш; 2. *перен.* маңыз; **в его́ расска́зах есть осо́бый смак** анын аңгемелеринде өзгөчө бир маңыз бар.

**СМАКОВА'ТЬ** *несов. что, разг.* 1. тамшанып (жыргап) даамын алып туруу (*жегенде же ичкенде*); **он смакова́л ка́ждый глото́к** ал ар бир жуткан сайын жыргап даамын алып турду; 2. *перен.* маза кылуу, жыргоо (*угуп, көрүп ж. б.*); кызыгына батуу; **он смакова́л весёлый расска́з** ал кызык аңгемеге жыргады.

**СМА'ЛЕЦ** *м. обл.* эритилген май (*мис. койдун, чочконун майы; сары май эмес*).

**СМАЛОДУ'ШНИЧАТЬ** *сов. разг.* жүрөк заадалык кылуу, бош көңүлдүк кылуу, боштук кылуу, коркоктук кылуу.

www.bizdin.kg

**тéльно надоéсть друг дрýгу** бири-бирин аябай тажатуу, бири-бирин өлгөнчө жадатуу.

**СМЕРТЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* өлөөрлүк, өлөөрчөлүк, өлгүдөйлүк, өлүмгө алып келүүчүлүк; **смертéльность рáны** жаранын өлүмгө алып келгидейлиги.

**СМЕРТЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** өлгүдөй, өлөөрчө; **смертéльная рáна** өлгүдөй жара; **2.** *разг.* (*крайний, предельный*) аябай, өтө эле, өлгүдөй, өлөөрчө; **смертéльная ненáвисть** өлгүчө жек көрүү; **смертéльная опáсность** өлгүдөй (өтө катуу) коркунуч, өлүм коркунучу.

**СМЕ'РТНИК** *м.* өлүмгө өкүм кылынган киши.

**СМЕ'РТНОСТЬ** *ж.* өлүм саны; **высóкая смéртность** өлүмдүн көп болушу; **низкая смéртность** өлүмдүн аз болушу.

**СМЕ'РТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** ажалдуу (*өлө турган, өлбөй койбос*); **человéк смéртен** адам өлбөй койбойт; **смéртный час** ажал сааты, ажал; **2.** *в знач. сущ. м., ж.* (*человек*) ажалдуу, жөнөкөй; **простóй смéртный** жөнөкөй, катардагы адам; бенде; **3.** (*причиняющий смерть*) өлүмгө алып бара турган; **смéртная казнь** өлүм жазасы; **4.** *разг.* (*очень сильный*) өтө эле, аябаган, эң эле; **смéртная скýка** аябаган зеригүү (көңүлсүздүк).

**СМЕРТОНО'СНЫЙ,** -ая, -ое өлтүрүүчү; **смертонóсный яд** өлтүрүүчү уу; **смертонóсное орýжие** өлтүрүүчү курал.

**СМЕРТОУБИ'ЙСТВО** *ср. уст.* өлтүрүү.

**СМЕРТЬ** *ж.* өлүм, ажал; **естéственная смерть** табигый өлүм, кадимки өлүм; **насильственная смерть** бирөө колдуу болуп өлүү; **скоропостижная смерть** мурт өлүү, мурт кетүү; **умерéть своéй смéртью** өз ажалынан өлүү; **не бояться смéрти** өлүмдөн коркпоо; **спасти от смéрти** ажалдан (өлүмдөн) алып калуу, өлүмдөн сактап калуу; **быть при смерти** өлүм алдында болуу, көр оозунда болуу; ◇ **двум смертям не бывáть, а однóй не миновáть** *погов.* өлүм эки келбейт, өлбөс адам болбойт; **дó смерти, смерть как** *разг.* өлгүдөй, абдан; **смерть как (дó смерти) спать хóчется** аябай уйку келет; **борóться не на жизнь, а нá смерть** *см.* **жизнь; на мирý и смерть краснá** *посл.* көп менен көргөн той, **блéдный как смерть** өлүк сынындай купкуу.

**СМЕРЧ** *м.* куюн.

**СМЕСТИ'** *сов.* **1.** *что* шыпыруу; **смести сор со столá** столдон акыр-чикирди шыпыруу; **2.** *кого-что, перен.* (*уничтожить*) жок кылуу, жоюу, курутуу; **смести с лицá земли** жер жүзүнөн жок кылуу; **смести всё на своём пути** өз жолунан учураган бардык нерсени курутуу; **3.** *что* (*собрать в одно место*) шыпырып чогултуу; **смести листья в кýчу** жалбырактарды шыпырып чогултуу.

**СМЕСТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* (*с должности*) ордунан алуу, бошотуу, кызматтан түшүрүү; **2.** *что* (*сдвинуть*) жылдыруу, которуу, башка жерге көчүрүү.

**СМЕСТИ'ТЬСЯ** *сов.* ордунан таюу, эбинен таюу, чыгып кетүү (*мис. муун*).

**СМЕСЬ** *ж.* кошунду, аралаш, аралашма; **горючая смесь** күйүүчү кошунду; **кормовáя смесь** тоют кошундусу; **смесь разнорóдных явлéний** ар түрдүү кубулуштардын аралашмасы.

**СМЕ'ТА** *ж.* смета; **смéта расхóдов** расход сметасы; **составить смéту** смета түзүү.

**СМЕТА'НА** *ж.* сметана (*ачыган коюу каймак*).

**СМЕТА'ТЬ** I *несов. см.* **смести.**

**СМЕТА'ТЬ** II *сов. что* (*сшить крупными стежками*) көктөө, көктөп тигүү.

**СМЕТА'ТЬ** III *сов. что, с.-х.* үймөк үйүү; **сметáть стог сéна** бир үймөк чөп үйүү.

**СМЁТКА** *ж. разг.* тапкычтык, зейректик, биле койгучтук, сезгичтик.

**СМЕ'ТЛИВОСТЬ** *ж.* тапкычтык, зейректик, биле койгучтук, сезгичтик.

**СМЕ'ТЛИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* тапкыч, биле койгуч, сезгич, зейрек.

**СМЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **смета**-*га т.*; сметалык: **смéтные расхóды** смета расходдору, сметалык расходдор.

**СМЁТЫВАТЬ** I *несов. см.* **сметáть** II.

**СМЁТЫВАТЬ** II *несов. см.* **сметáть** III.

**СМЕТЬ** *несов. с неопр.* батынуу, батынып баруу, укугу болуу, батына алуу; **не смéйте этого дéлать** муну иштөөчү болбо; **он не смéет зайти сюдá** ал мында кире албайт.

**СМЕХ** *м.* күлкү, күлүү; **заразительный смех** ээликтиргич күлкү; **неудержимый смех** тыйылбаган күлкү; **злóбный смех** табалаган күлкү; **взрыв смéха** дуу күлүү, **разразиться смéхом** каткырып күлүп жиберүү; **меня разбирáет смех** менин күлкүм келип айлам кетип баратат; **смех дýшит** күлкүмдү зорго тыйып турам; **отдéлаться смéхом** күлкүгө шылтап, күлүмүш болуп кутулуу; **егó рассуждéния — один смех** анын айтканы күлкүдөн башка эч нерсе эмес; ◇ **и смех и грех** *разг.* ый-күлкү аралаш (*урушарды да, көрдү да билбей калуу*); **без смéху (смéха)** *разг.* тамашасы жок, оюну жок, чын эле; **не до смéху (смéха)** күлөөр чак эмес; **поднять нá смех** күлкү кылуу; келеке кылуу, шылдың кылуу; **дéлать нá смех** күлкү үчүн, тамаша үчүн иштөө; **кýрам нá смех** өтө эле жарыбаган, шылдыңга калардык; **смéха рáди** *разг.* күлкү үчүн, тамаша үчүн; **покатиться сó смеху** *разг.* ичи-боору эзилгенче күлүү; **живóтики надорвёшь сó смеху** *разг.* ичегиң каткыча күлөсүң; **смех да и тóлько** *разг.* киши күлөөрлүк гана нерсе (*эч нерсеге турбаган эле бир нерсе*).

**СМЕХОТВО'РНОСТЬ** *ж.* күлкү келээрдик, күлкү келтирээрдик.

**СМЕХОТВО'РНЫЙ,** -ая, -ое күлөөрлүк, күлкү келээрдик, күлкү келтирээрдик.

**СМЕ'ШАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **смешáть; 2.** *прил.* (*разнородный*) аралаш; **смéшанная грýппа** аралаш группа; ◇ **смéшанная дробь** *мат.* аралаш бөлчөк.

**СМЕША'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*сделать смесь*) аралаштыруу, кошуу; **2.** *что* (*привести в беспорядок*) аралаштыруу, баш-аяксыз кылуу, тартипсиз кылуу, баш аламан кылуу; **смешáть кáрты** 1) картаны баш аламан кылып аралаштыруу; 2) *перен.* атайлап чаташтыруу; **3.** *кого-что* (*перепутать*) чаташтыруу; **смешáть фамилии** фамилияларды чаташтыруу; ◇ **смешáть** *кого-л.* **с грязью** *бирөөнү* жалган жеринен каралоо, *бирөөгө* жалган жалаа жабуу.

**СМЕША'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*образовать смесь*) аралашуу, аралашып кетүү; **2.** *перен.* (*перепутаться*) аралашуу, баш-аяксыз болуу, тартипсиз болуу, баш аламан болуу; **у негó смешáлись все понятия** анын башында бардык түшүнүктөр аралашып кетти; **3.** *перен.* (*слиться в одно целое*) аралашып кетүү; **смешáться с толпóй** эл менен аралашып кетүү; **4.** (*смутиться*) уялып кызаруу, шашып калуу; **ученик смешáлся** окуучу уялып шашып калды.

**СМЕШЕ'НИЕ** *ср.* аралаштыруу, чаташтыруу; аралашуу; **смешéние понятий** түшүнүктөрдүн аралашып кетиши.

**СМЕ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **смешáть.**

**СМЕ'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **смешáться; 2.** *страд. к* **смéшивать.**

**СМЕШИ'ТЬ** *несов. кого* күлдүрүү, күлкүсүн келтирүү.

**СМЕШЛИ'ВОСТЬ** *ж.* күлкүчүлдүк.

**СМЕШЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое күлкүчүл.

**СМЕШНО'** **1.** *нареч.* күлө турган, күлгүдөй; **смешнó расскáзывать** айтса, адам күлгүдөй; **2.** *безл. в знач. сказ.*: **мне бы́ло смешнó** менин күлкүм келди.

**СМЕШНО'Й,** -áя, -óе күлө турган, кызык, күлгүдөй бир түрдүү; **смешнóй слýчай** күлө турган окуя; **смешнóй примéр** күлө турган мисал; **тут нет ничегó смешнóго** мында күлө турган эч нерсе жок; ◇ **до смешнóго** *разг.* абдан, эң эле; **он до смешнóго упрям** ал эң эле өжөр; **выставля́ть в смешнóм вúде** шылдың болгудай кылып көрсөтүү

**СМЕШО'К** *м.* (*мн.* **смешки**) *разг.* күлкү, күлкү сымак.

**СМЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **сместить.**

www.bizdin.kg

жооп бересиң; **смотри́, не упади́** көзүңө кара, жыгылып кетпе; **смотри́, как попра́вился!** семирип алганын карасаң!; ◇ **смотри́ в о́ба** көзүңө кара, сак бол; **смотре́ть сквозь па́льцы** көрүп туруп көрмөксөн болуу, билип туруп билмексен болуу; **смотре́ть в глаза́** *кому-л. перен.* кошаматтануу, кошамат кылуу; **смотре́ть в глаза́** *чему-л. бир нерсеге* тайманбоо, тайманбай кароо; **смотре́ть в лицо́ сме́рти** өлүмдөн тайманбоо, өлүмдөн коркпоо; **смотре́ть** *чьими-л.* **глаза́ми** *бирөөнүн* пикирин гана кайталоо; **того́ и смотри́** ана-мына дегенче эле болуп калышы мүмкүн; **чего́ ты ра́ньше смотре́л?** мурун эмне кылып жүрдүң?, сен мурун кайда элең?, мурун кайда жүрдүң?

**СМОТРЕ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*смотреть на себя*) карануу; **смотре́ться в зе́ркало** күзгүгө карануу; 2. *страд. к* **смотре́ть** 3.

**СМОТРИ'НЫ** *только мн. уст.* кыз көрүү (*күйөөнүн жана анын эне-аталарынын кыз менен таанышуусу*).

**СМОТРИ'ТЕЛЬ** *м. уст.* бакылоочу, кароочу; **станцио́нный смотри́тель** бекетчи.

**СМОТРОВО'Й**, -а́я, -о́е кароочу, шыкаалоочу; **смотрова́я щель в та́нке** танкыдагы кароочу жылчык.

**СМОТРЯ'** *дееприч. от* **смотре́ть**; 1. *в сочет. с нареч. или мест. относ.* (*в зависимости от того*) ылайык; карай; **смотря́ как жить** турмуш кандай экендигине карай; **смотря́ како́й рабо́тник** кандай кызматчы экендигине карай; 2. *в сочет. с предлогом «по» с дат. п.* (*в зависимости, в соответствии*) карай, карата, ыгына жараша; **смотря́ по обстоя́тельствам** кырдаалга жараша.

**СМОЧИ'ТЬ** *сов. что* суулоо, нымдоо.

**СМОЧЬ** *сов.* колдон келүү, ... алуу; **он не смо́жет э́того сде́лать** ал муну иштей албайт, бул анын колунан келбейт; **я смогу́** менин колуман келет.

**СМОШЕ'ННИЧАТЬ** *сов. разг.* митаамдык кылуу, будамайлоо, алдоо.

**СМРАД** *м.* быксык; быксыган, сасык жыт.

**СМРА'ДНЫЙ**, -ая, -ое быксыган, сасык, коңурсуган.

**СМУГЛЕ'ТЬ** *несов.* кара күрөң тартуу, кара тору тартуу (*кишинин өңү*).

**СМУГЛОЛИ'ЦЫЙ**, -ая, -ое кара күрөң өңдүү, кара тору өңдүү (беттүү).

**СМУ'ГЛОСТЬ** *ж.* кара күрөңдүк, кара торулук (*бет, өң*).

**СМУ'ГЛЫЙ**, -ая, -ое кара күрөң, кара тору (*бет, өң*).

**СМУГЛЯ'НКА** *ж. разг.* кара күрөң, кара тору (*аял*).

**СМУДРИ'ТЬ** *сов. разг.* татаалдаштырып былжыратып жиберүү, куру ойлонуу, ыксыз татаал кылуу, ыгы жок татаалдатуу.

**СМУ'РЫЙ**, -ая, -ое *обл.* кара күрөң, кара боз.

**СМУ'ТА** *ж. уст.* дүрбөлөң, козголоң, бүлгүн; **се́ять сму́ту** дүрбөлөң салуу.

**СМУТИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*привести в смущение*) оңойсуздандыруу, уялтып кысылтуу; 2. (*взволновать*) козутуу, азгыруу.

**СМУТИ'ТЬСЯ** *сов.* оңойсуздануу, уялып кысылуу.

**СМУ'ТНО** *нареч.* элес-булас; **сму́тно по́мнить** *что-л. бир нерсени* элес-булас эстөө.

**СМУ'ТНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*неясный, неотчётливый*) элес-булас, ачык эмес, караңгы, бүлбүлдөгөн, бүшүркөгөн; **сму́тное воспомина́ние** элес-булас эске түшүрүү; 2. (*неспокойный, мятежный*) дүрбөлөңдүү, тынчы жок, козголоңдуу; **сму́тное вре́мя** *ист.* дүрбөлөңдүү убак.

**СМУТЬЯ'Н** *м. разг.* куйту, куйту киши.

**СМУ'ШКА** *ж.* көрпө (*тармал көрпө*).

**СМУ'ШКОВЫЙ**, -ая, -ое **смушка**-*га т.*; **сму́шковая ша́пка** көрпө тумак.

**СМУЩА'ТЬ** *несов. см.* **смути́ть**.

**СМУЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **смути́ться**; 2. *страд. к* **смуща́ть**.

**СМУЩЕ'НИЕ** *ср.* оңойсуздануу, уялып кысылуу.

**СМУЩЁННЫЙ**, -ая, -ое оңойсузданган, уялып кысылган.

**СМЫВ** *м.* жуулган, агызылган жер.

**СМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **смыть**.

**СМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **смы́ться**; 2. *страд. к* **смыва́ть**.

**СМЫКА'ТЬ** *несов. см.* **сомкну́ть**.

**СМЫКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сомкну́ться**; 2. *страд. к* **смыка́ть**.

**СМЫСЛ** *м.* 1. (*значение*) маани, мазмун; **улови́ть смысл** маанисин кармай алуу; **прида́ть смысл** маани берүү; **в буква́льном смы́сле сло́ва** сөздүн тике маанисинде; 2. (*цель, разумное основание*) жөн, маани, ирет, мазмун; **смысл жи́зни** жашоонун мазмуну; **в чём смысл э́того посту́пка?** бул кылыктын жөнү эмнеде?; **нет смы́сла переде́лывать э́ту рабо́ту** бул ишти кайра оңдоонун эч жөнү жок; 3. (*разум*) ой, пикир; **здра́вый смысл** жөндүү пикир; ◇ **в смы́сле** *чего-л.* маанисинде; **в по́лном смы́сле э́того сло́ва** бул сөздүн толук маанисинде; **в изве́стном смы́сле** белгилүү гана маанide; **в широ́ком смы́сле** кеңири мааниде.

**СМЫ'СЛИТЬ** *несов. разг.* түшүнүү, аңдоо; **ничего́ не смы́слить в му́зыке** музыкадан эч түшүнүгү болбоо, музыкадан эч нерсе түшүнбөө.

**СМЫСЛОВО'Й**, -а́я, -о́е **смысл** 1-*ге т.*; **смыслов́ые отте́нки сло́ва** *лингв.* сөздөрдүн маанилеринин кошумча өзгөчөлүктөрү.

**СМЫТЬ** *сов. что* 1. жууш, жууп тазалоо; **смыть грязь** кирин жууш; 2. *перен.* тазартуу, жууш; **смыть с себя́ позо́р** өзүнөн маскаралыкты жууш; 3. (*унести течением*) агызып кетүү, жууп кетүү, жеп кетүү; **водо́й смы́ло о́тмель** *безл.* сайроонду суу жеп кетти.

**СМЫ'ТЬСЯ** *сов.* жуулуу, жуулуп тазалануу; **пятно́ смы́лось с пла́тья** көйнөктөн так жууп тазаланды.

**СМЫ'ЧКА** *ж.* 1. *тех.* бириктирүү, илиништирүү, кошоктоштуруу, тиркөө; 2. *перен.* (*союз*) байланыш, жакындашуу; **смы́чка пролетариа́та с крестья́нством** пролетариат менен дыйкандардын байланышы.

**СМЫЧКО'ВЫЙ**, -ая, -ое **смычок** I 1-*ге т.*; смычоктуу; **скри́пка — смычко́вый инструме́нт** скрипка — смычоктуу инструмент.

**СМЫ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое *лингв.* жарылма; **смы́чные согла́сные** жарылма үнсүздөр.

**СМЫЧО'К** I *м.* смычок (1. *муз. кыяктын, скрипканын кылдуу таякчасы*; 2. *тех. жүндү тытуу үчүн жасалган жип керилген жаача*).

**СМЫЧО'К** II *м. охот.* смычок (*ууга чыкканда тайгандарды кошоктоштуруп байлоочу жип*); **спусти́ть го́нчих со смычка́** тайгандарды смычоктон агытып жиберүү.

**СМЫШЛЁНОСТЬ** *ж.* зээндүүлүк, акылдуулук.

**СМЫШЛЁНЫЙ**, -ая, -ое зээндүү, акылдуу.

**СМЯГЧА'ТЬ** *несов. см.* **смягчи́ть**.

**СМЯГЧА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **смягчи́ться**; 2. *страд. к* **смягча́ть**.

**СМЯГЧА'ЮЩИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **смягча́ть**; 2. *прил.*: **смягча́ющее сре́дство** *фарм.* жумшартуучу дары.

**СМЯГЧЕ'НИЕ** *ср.* 1. жумшартуу; **смягче́ние ко́жи втира́нием ма́зи** терини май сыйпап жумшартуу; 2. *перен.* жеңилдетүү, жумшартуу, азайтуу, кемитүү; **хлопота́ть о смягче́нии пригово́ра** өкүмдү азайтуу жөнүндө аракеттенүү; 3. *лингв.* ичкерүү; **смягче́ние согла́сных** үнсүздөрдүн ичкериши.

**СМЯГЧИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* жумшартуу; **смягчи́ть ко́жу вы́делкой** терини ийлеп жумшартуу; 2. *что, перен.* (*ослабить*) бошоңдотуу, басаңдатуу; **смягчи́ть уда́р** соккуну басаңдатуу; 3. *кого-что, перен.* (*умерить строгость*) жеңилдетүү, жумшартуу, азайтуу, кемитүү; **смягчи́ть пригово́р суда́** соттун өкүмүн жеңилдетүү; 4. *что, лингв.* ичкертүү.

www.bizdin.kg

**СМЯГЧИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать мягким*) жумшаруу; **кожа от выделки смягчилась** тери ийлөөдөн жумшарып калды; **2.** *перен.* (*умериться, ослабиться*) басаңдоо, басаңдалоо, кайтыңкыроо; **боль смягчилась** оору басаңдады; **3.** *перен.* (*сжалиться*) аёо, боору ооруу; **4.** *лингв.* (*о звуках*) ичкерүү.

**СМЯТЕ'НИЕ** *ср.* (*замешательство*) дүрбөлөң, бука-чаң, алтыгуу, каңгы баш болуу; **он ушёл в смятении** ал алтыгып кетти; **вызвать смятение в рядах противника** душмандын ичине дүрбөлөң салуу.

**СМЯТЬ** *сов.* **1.** *что* (*помять, измять*) бырыштыруу, уйпалоо (*мис. чөптү*); **смять платье** көйнөктү бырыштыруу; **2.** *что* (*размять*) жуурул эзүү (*мис. ылай, камыр*); **3.** *кого-что, перен.* (*задавить*) кысуу, кысып салуу (*мис. калың эл*); **4.** *кого-что, перен.* (*сломить сопротивление*) таш-талканын чыгаруу, талкалоо; **смять противника** душмандын таш-талканын чыгаруу.

**СМЯ'ТЬСЯ** *сов.* бырышуу, уйпалануу; **бумага смялась в кармане** кагаз чөнтөктө бырышып калды.

**СНАБДИ'ТЬ** *сов. кого-что кем-чем* жабдуу, керектүү нерселерди жеткирүү; **снабдить магазины товарами** магазиндерди товар менен жабдуу; **снабдить рабочих инструментами** жумушчуларды инструменттер менен жабдуу; **снабдить книгу предисловием** китепке кириш сөз жазуу.

**СНАБЖА'ТЬ** *несов. см.* **снабдить.**

**СНАБЖЕ'НЕЦ** *м. разг.* жабдуучу, жабдып туруучу кызматчы.

**СНАБЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** жабдуу; **снабжение армии** армияны жабдуу; **снабжение школ учебниками** мектептерди окуу китептери менен жабдуу; **органы снабжения** жабдуу органдары; **2.** (*предметы, продукты и т. д.*) буюмдар, продуктылар; **продовольственное снабжение** тамак-аш.

**СНАБЖЕ'НЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **снабжение**-*ге т.*; **снабженческий аппарат** жабдуу аппараты.

**СНА'ДОБЬЕ** *ср. разг.* дары-дармек.

**СНА'ЙПЕР** *м.* снайпер (*көзгө атар мерген*).

**СНА'ЙПЕРСКИЙ,** -ая, -ое **снайпер**-*ге т.*; снайпердик; **снайперская стрельба** снайпердик атуу.

**СНАРУ'ЖИ** *нареч.* сырт жагынан, сырттан, тыштан; **запереть дверь снаружи** эшикти сыртынан бекитүү.

**СНАРЯ'Д** *м.* снаряд; **артиллерийский снаряд** артиллериялык снаряд; **осколочный снаряд** жарылып майдаланып кетүүчү снаряд; **бронебойный снаряд** броня тешүүчү снаряд; **зажигательный снаряд** күйдүрүүчү снаряд; **химический снаряд** химиялык снаряд; **гимнастические снаряды** гимнастика снаряддары.

**СНАРЯДИ'ТЬ** *сов. кого-что* шаймандоо, камылгалоо, жабдуу, жабдыктоо, жарактоо; **снарядить экспедицию** экспедицияны жабдуу.

**СНАРЯДИ'ТЬСЯ** *сов.* шаймандалуу, камылгалануу, жарактануу; **снарядиться в путь** жолго чыгууга камылгалануу.

**СНАРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **снаряд**-*га т.*; **снарядный ящик** снаряд ящиги.

**СНАРЯЖА'ТЬ** *несов. см.* **снарядить.**

**СНАРЯЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **снарядиться; 2.** *страд. к* **снаряжать.**

**СНАРЯЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) шаймандоо, камылгалоо, жабдыктоо, жарактоо; **снаряжение в путь** жолго чыгууга камылгалоо; **2.** (*предметы*) шайман, жарак, жабдык, курал; **воинское снаряжение** аскер жарак-жабдыгы.

**СНАСТЬ** *ж.* **1.** *чаще мн. мор.* шайман, аспап (*ар бири белгилүү максат үчүн жасалган аркандар системасы*); **корабельные снасти** кеменин шаймандары (*орудиелер, инструменттер, аркандар ж. б.*); **2.** *собир.* (*приборы, инструменты*) шаймандар, аспаптар; **рыболовная снасть** балыкчылыктын шаймандары (*балыкчылыктын бүт шаймандарынын жыйындысы*).

**СНАЧА'ЛА** *нареч.* **1.** (*прежде, сперва*) а дегенде, обол, мурда; **сначала подумай, потом говори** а дегенде ойлон, анан сүйлө; **2.** (*снова, ещё раз*) башынан, кайра башынан; **начать сначала** кайта башынан баштоо; **прочитай сначала** башынан оку.

**СНА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **сносить** I.

**СНА'ШИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **сноситься** I; **2.** *страд. к* **снашивать.**

**СНЕГ** *м.* кар; **первый снег** биринчи кар; **мокрый снег** суу кар; **падает (идёт) снег** кар жаап жатат; **полоса вечных снегов** дайым кар (мөңгү) кетпей турган жер; ◇ **как прошлогодний снег** *разг.* түк кереги, кызыгы жок; **как снег на голову** *разг.* күтпөгөн жерден.

**СНЕГИ'РЬ** *м.* снегирь (*сайрагыч боз чымчыктын бир түрү*).

**СНЕГОВО'Й,** -ая, -ое **1.** **снег**-*ге т.*; **снеговая вода** кар суусу; **снеговая баба** кардан жасалган кишинин сөлөкөтү (тулкусу); **2.** (*покрытый снегом*) кардуу; **снеговые горы** кардуу тоо, ала тоо.

**СНЕГОЗАДЕРЖА'НИЕ** *ср.* кар токтотуу.

**СНЕГООЧИСТИ'ТЕЛЬ** *м.* кар күрөгүч, кар тазалагыч.

**СНЕГООЧИСТИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кар күрөөчү, кар тазалоочу; **снегоочистительный плуг** кар күрөөчү соко.

**СНЕГОПА'Д** *м.* кар жааш, кар түшүү.

**СНЕГОТА'ЯЛКА** *ж.* кар эриткич.

**СНЕГОТА'ЯНИЕ** *ср.* кар эрүү.

**СНЕГОУБО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое кар күрөө, кар жыйноо; **снегоуборочные работы** кар күрөө жумуштары.

**СНЕГОХО'Д** *м.* карда жүргүч, снегоход (*кышкы жолдордо жана кардуу талаада жүрүүгө ылайыкталган автомобиль*).

**СНЕГУ'РОЧКА** *ж. фольк.* снегурочка (*кардан жасалган кыздын жомоктогу образы*).

**СНЕДА'ЕМЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **снедать; снедаемый горем** кайгыга катуу чөккөн, кайгы баскан.

**СНЕДА'ТЬ** *несов. кого-что, уст.* кыйноо, азап чектирүү; **его снедает досада** аны ыза кыйнап турат.

**СНЕДЬ** *ж. обл. уст.* тамак, аш.

**СНЕЖИ'НКА** *ж.* кар кыйкымы, кар бүртүгү.

**СНЕ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **1.** **снег**-*ге т.*; кардуу; **снежные заносы** кардын күрткүсү; **снежная баба** кардан жасалган адамдын тулкусу; **снежная дорога** кардуу жол; **снежная зима** кардуу кыш; **2.** (*подобный снегу*) кардай; **снежная белизна** актыгы кардай, кардай ак.

**СНЕЖО'К** *м.* **1.** *уменьш.-ласк. от* **снег** кар; **2.** (*комок из снега*) кар тоголоку; **дети играют в снежки** балдар кар менен урушуп ойношот.

**СНЕСТИ'** I *сов.* **1.** *кого-что* (*отнести*) алып барып берүү (коюу), ташып барып берүү, жеткирип берүү, ташып жеткирүү (*в одно место*); **снести книгу в библиотеку** китепти библиотекага алып барып берүү; **снести мешки к сараю** каптарды сарайга алып барып коюу; **2.** *что* (*сорвать*) түшүрүү, алып түшүү, алып кетүү; **ураган снёс крышу с дома** катуу шамал үйдүн чатырын алып кетти; **3.** *что* (*разрушить*) бузуу, кыйратуу; **снести старый дом** эски үйдү бузуу; **4.** *что* (*срубить, срезать*) кесүү, алуу; **снести голову** башын кесүү; **5.** *что* (*сделать сноску*) төмөн түшүрүү, жазуу; **снести цифру делимого** бөлүнүүчүнүн калган цифрасын төмөн жакка жазуу; **6.** *что, перен.* (*стерпеть*) чыдоо; **он снёс обиды** ал ызага чыдады.

**СНЕСТИ'** II *сов. что* (*о птицах*) жумуртка тууш, салуу; **курица снесла яйцо** тоок жумуртка тууду.

**СНЕСТИ'СЬ** I *сов.* (*установить связь*) байланышуу, катташуу; **снестись телеграммами** телеграмма аркылуу байланышуу.

**СНЕСТИ'СЬ** II *сов.* (*о птицах*) жумуртка тууш, салыш; **утка снеслась** өрдөк жумуртка тууду.

www.bizdin.kg

**СНЕТО'К** *м.* (*рыба*) снеток (*көлдөгү жана өзөндөгү майда балыктын бир түрү*).

**СНИЖА'ТЬ** *несов. см.* **снизить.**

**СНИЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **снизиться; 2.** *страд. к* **снижа́ть.**

**СНИЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*уменьшение*) төмөндөтүү, арзандатуу, азайтуу; **сниже́ние цен** бааны арзандатуу; **2.** *ав.* төмөндөө; **сниже́ние самолёта** самолёттун төмөндөшү.

**СНИ'ЗИТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*спустить ниже*) төмөндөтүү; **снизить самолёт** самолётту төмөндөтүү; **2.** *что, перен.* (*уменьшить, сбавить*) төмөндөтүү; арзандатуу, азайтуу; **снизить себесто́имость проду́кции** продукциянын өздүк наркын төмөндөтүү; **3.** *что, перен. разг.* (*приглушить*) басаңдатуу; **снизить тон** үнүн басаңдатуу; **4.** *кого, перен.* (*понизить в должности*) төмөндөтүү; **снизить в до́лжности** кызматтан төмөндөтүү.

**СНИ'ЗИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*спуститься ниже*) төмөндөө; **2.** *перен.* (*уменьшиться*) төмөндөө; арзандоо; **це́ны снизились** баа арзандады; **3.** *перен. разг.* (*о голосе, тоне*) басаңдоо; **тон у него́ снизился** анын үнү басаңдап калды.

**СНИЗОЙТИ'** *сов. к кому-чему, уст.* кайрылуу, кайрылышуу; **он снизошёл к на́шей про́сьбе** ал биздин өтүнүчүбүзгө кайрылышты.

**СНИ'ЗУ 1.** *нареч.* (*с нижней стороны*) астыдан, төмөнтөн, асты жактан, төмөн жактан; **снизу ду́ет** асты жактан шамал согуп жатат; **хлеб подгоре́л сни́зу** нандын асты жагы бир аз күйүп кетти; **сни́зу вверх** астынан үстүнө, төмөнтөн жогору карай; **2.** *нареч. перен.* (*со стороны широких масс*) төмөнтөн; **3.** *предлог с род. п. разг.* (*ниже чего-л., под чем-л.*) -дын астында; **сни́зу до́ма** үйдүн астында; ◇ **сни́зу до́верху** 1) аягынан башына чейин, төмөнтөн жогоруга чейин; 2) *перен.* баштан аяк.

**СНИМА'ТЬ** *несов. см.* **снять.**

**СНИМА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **сня́ться; 2.** *страд. к* **снима́ть.**

**СНИ'МОК** *м.* фотосүрөт (*фотографиялык сүрөт*); **альбо́м сни́мков** фотосүрөттөр альбому; **рентге́новский сни́мок** рентген фотосүрөтү.

**сниму́, сни́мешь** *и т. д. буд. вр. от* **снять.**

**сниму́сь, сни́мешься** *и т. д. буд. вр. от* **сня́ться.**

**СНИСКА'ТЬ** *сов. что, уст.* иришип жүрүп жетишүү, иришип табуу; **сниска́ть чьё-л. расположе́ние** иришип жүрүп бирөөгө жакшы көрүнүү.

**СНИ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **сниска́ть.**

**СНИСХОДИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* **1.** (*не строго*) көңүлүнө карап; **отнести́сь** *к кому-л.* **снисходи́тельно** *бирөөгө* көңүлүнө карап мамиле кылуу; **2.** (*покровительственно-высокомерно*) камкорсунган текебердик менен; **снисходи́тельно разгова́ривать** *с кем-л. бирөө менен* камкорсунган текебердик кылып сүйлөшүү.

**СНИСХОДИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* (*невзыскательность*) ырай кылуучулук, көңүлгө кароочулук; **прояви́ть снисходи́тельность** көңүлгө кароочулук кылуу.

**СНИСХОДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*невзыскательный*) ырайлуу, ырай кылуучу, көңүлгө кароочу; **снисходи́тельный нача́льник** ырайлуу начальник; **2.** (*покровительственно-высокомерный*) өзүн жогору санап, камкорсунган; камкорсунуп көтөрүлгөн; **снисходи́тельный тон** камкорсунуп көтөрүлгөн тон (*сүйлөө, айтуу*).

**СНИСХОДИ'ТЬ** *несов. см.* **снизойти́.**

**СНИСХОЖДЕ'НИЕ** *ср.* кечирим, мейрим, мейирманчылык; **он заслу́живает снисхожде́ния** ал кечирип коюга татыктуу.

**СНИ'ТЬСЯ** *несов. кому* түшкө кирүү; **мне сни́лся сон** мен түш көрдүм; **ему́ сни́лось, что он на ро́дине** ал түшүндө өз мекенинде экен.

**СНК** (Сове́т Наро́дных Комисса́ров) *ист.* СНК (Эл Комиссарлар Советтери).

**СНОБ** *м.* сноб (*буржуазиялык коомдо — акылы аз, бардык моданын артынан түшкөн жана буржуазиялык-аристократтык жогорку катмардын кылык-жоругун сокур эле ээрчүүгө тырышкан адам*).

**СНОБИ'ЗМ** *м.* снобизм (*снобго мүнөздүү кылык-жорук*).

**СНО'ВА** *нареч.* дагы, кайтадан, кайта дагы, кайтадан дагы, жаңыдан; **сно́ва пошёл дождь** жамгыр кайта дагы жаай баштады; **нача́ть сно́ва** кайтадан баштоо; **он сно́ва с на́ми** ал кайтадан биз менен.

**СНОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *текст.* эриш түзүүчү; **снова́льная маши́на** эриш түзүүчү машина.

**СНОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *что, текст.* эришин салуу; **снова́ть пря́жу** жиптин эришин салуу; **2.** *перен. разг.* (*двигаться туда и сюда*) ары-бери жүрө берүү; **ло́дки снова́ли по реке́** кайыктар сууда ары-бери жүрө берди.

**СНОВИДЕ'НИЕ** *ср.* түш көрүү.

**СНОГСШИБА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* укмуштуу, таң калардык; **сногсшиба́тельное изве́стие** укмуштуу кабар.

**СНОП** *м.* **1.** боо; **вяза́ть снопы́** боо байлоо; **2.** *перен.* топ-топ (*бир жерден чачырап чыккан учкундардын, шоолалардын ж. б. тобу*); **сноп луче́й** топ болуп чыккан шоолалар.

**СНОПОВЯЗА'ЛКА** *ж.* боолагыч (*оруп боолагыч машина*).

**СНОПОВЯЗА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое боо байлагыч, боолук; **сноповяза́льный шпага́т** боолук жип, боо байлагыч шпагат.

**СНОРОВИ'СТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* эптүү, ийкемдүү; **снорови́стый па́рень** ийкемдүү жигит.

**СНОРО'ВКА** *ж. разг.* эптүүлүк, ийкем; **приобрести́ сноро́вку** ийкемге үйрөнүү; **э́то де́ло тре́бует сноро́вки** бул иш эптүүлүктү талап кылат.

**СНОС** I *м.* бузуу, кыйратуу; **дом предназна́чен на снос** үй бузууга арналган.

**СНОС** II *м.*; **сно́су нет** *разг.* өтө бышык (*мис. кийим*).

**СНО'СИ: на сно́сях** *разг.* айы-күнү жеткен бооз аял.

**СНОСИ'ТЬ** I *сов. что, разг.* (*износить*) жыртуу, кийип жыртуу; **сноси́ть за ле́то о́бувь** жай ичинде бут кийимди жыртуу.

**СНОСИ'ТЬ** II *сов. кого-что, разг.* (*туда и обратно*) алып барып келүү; **сноси́ть ребёнка к врачу́** баланы врачка алып барып келүү; ◇ **ему́ не сноси́ть головы́** ал соо калбайт.

**СНОСИ'ТЬ** III *несов. см.* **снести́** I.

**СНОСИ'ТЬСЯ** I *сов. разг.* (*износиться*) жыртылуу, кийилип жыртылуу.

**СНОСИ'ТЬСЯ** II *несов.* **1.** *см.* **снести́сь** I; **2.** *страд. к* **сноси́ть** III.

**СНО'СКА** *ж.* сноска (*беттин этегине жазылып, негизги жазуудан бөлүнгөн текст*); **примеча́ние в сно́ске** сноскадагы эскертүү.

**СНО'СНО** *нареч. и в знач. сказ.* дурус, жаман эмес; **я здесь сно́сно устро́ился** мен мында дурус орношуп алдым.

**СНО'СНЫЙ,** -ая, -ое дурус, жаман эмес; **сно́сные усло́вия** чыдаарлык шарттар.

**СНОТВО'РНЫЙ,** -ая, -ое **1.** уктатуучу; **снотво́рный порошо́к** уктатуучу порошок; **2.** *перен.* (*скучный*) зериктиргич, эриктирме.

**СНОХА'** *ж.* келин (*уулунун же инисинин аялы*).

**СНОШЕ'НИЕ** *ср. чаще мн.* катташ, байланыш; **деловы́е сноше́ния** иш жөнүндө болгон байланыштар; **дипломати́ческие сноше́ния** дипломатиялык байланыштар; **прерва́ть сноше́ния** байланышын үзүү.

**сную́, снуёшь** *и т. д. наст. вр. от* **снова́ть.**

**сню́сь, сни́шься** *и т. д. наст. вр. от* **сни́ться.**

**СНЮ'ХАТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** (*о животных*) жыттташып табышуу; **2.** *перен. неодобр.* тымызын макулдашуу.

**СНЮ'ХИВАТЬСЯ** *несов. см.* **сню́хаться.**

**СНЯ'ТИЕ** *ср.* алып таштоо, алуу, алып коюу; **сня́тие запре́та** салынган тыюуну алып таштоо.

**СНЯТО'Й,** -а́я, -о́е: **сня́тое молоко́** каймагы алынган сүт.

www.bizdin.kg

**СНЯТЬ** *сов.* 1. *кого-что* алып таштоо, алуу, алып коюу; **снять ска́терть со стола́** столдон скатертти алып коюу; **снять сли́вки с молока́** сүттүн каймагын алуу; 2. *что* (*убрать с поля*) алуу, оруп-жыюу, жыюу; **снять урожа́й** түшүмдү оруп-жыюу; 3. *что* (*при раздевании*) чечүү; **снять пальто́** пальтону чечүү; 4. *кого-что* (*отозвать, отвести*) алып таштоо, чакырып алуу, бошотуу; **снять карау́л** карлуулду алып таштоо; 5. *кого* (*убить*) жок кылуу, өлтүрүү; **снять вра́жеского часово́го** душмандын часовоюн жок кылуу; 6. *кого, перен.* (*отстранить, лишить*) алуу, чыгаруу; **снять с рабо́ты** кызматтан алуу; **снять с учёта** учеттон чыгаруу; 7. *что, перен.* (*отменить, отказаться*) алып таштоо; **снять своё предложе́ние** өз сунушун алып таштоо; **снять вы́говор** сөгүштү алып таштоо; 8. *что с кого-чего* (*сделать подобие чего-л.*) алуу, түшүрүү; **снять ко́пию с докуме́нта** документтин көчүрмөсүн алуу; **снять ме́рку с ноги́** буттун өлчөөсүн алуу; 9. *кого-что, фото* сүрөткө түшүрүү, сүрөтүн түшүрүү, сүрөтүн алуу, сүрөткө тартуу; **снять гру́ппу шко́льников** мектеп окуучуларынын бир тобун сүрөткө түшүрүү; 10. *что* (*нанять*) ижарага алуу; **снять кварти́ру** квартираны ижарага алуу; 11. *что, юр.* (*о допросе*) сурак кылып жазып алуу; **снять показа́ния** сурак кылып, суралган адамдын айткандарын жазып алуу; 12. *что, карт.* алдыруу; **снять коло́ду** картанын үстүн алдыруу; ◇ **снять го́лову (с плеч)** 1) башын жулуп алуу; 2) ыза кылуу, уялтуу; **как руко́й сня́ло** *разг.* кол менен алып таштагандай (*мис. оору, кайгы жөнүндө*).

**СНЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*отделиться*) алынуу (*мис. ящиктин капкагы*); 2. (*тронуться в путь*) жүрүп кетүү, жөнөп кетүү; **сня́ться с я́коря** якордон бошонуу, жүрүп кетүү (*кеме жөнүндө*); 3. *фото* сүрөткө түшүү.

**СО** *предлог см.* **с.**

**СО-** *приставка* 1. *см.* **с-**; 2. *кандайдыр бир нерсеге бирге катышканды билдирип, атооч жана этиш түзүү үчүн колдонулат; мис.*: **содокла́д** кошумча доклад; **соучени́к** сабакташ.

**СОА'ВТОР** *м.* соавтор, авторлош (*бириктешип жазган адам*).

**СОА'ВТОРСТВО** *ср.* авторлоштук, авторлошуп жазуу.

**СОБА'КА** *ж.* ит; **охо́тничья соба́ка** аңчы ит; **дворо́вая соба́ка** короочу ит; ◇ **вот где соба́ка зары́та!** *разг.* кеп мына ушул жерде жаткан экен да!; **соба́ку съесть** *на чём-л. разг. кандайдыр бир ишти* коён жатагына чейин билүү, абдан жакшы билүү; **его́ с соба́ками не сы́щешь** *разг.* аны ишке жойлотуп издесең да, таба албайсың; **уста́ть как соба́ка** *прост.* иттей чарчоо, аябай чарчоо.

**СОБАКОВО'Д** *м.* асыл тукум ит асыроочу (өстүрүүчү).

**СОБАКОВО'ДСТВО** *ср.* 1. (*занятие*) ит асыроочулук (өстүрүүчүлүк); 2. (*питомник*) ит асыроочу жай.

**СОБА'ЧИЙ,** -ья, -ье **собака-***га т.*; **соба́чий лай** иттин үрүшү; ◇ **соба́чий хо́лод** *разг.* иттей суук, аябаган суук.

**СОБА'ЧКА** *ж.* 1. *уменьш.-ласк. от* **соба́ка** кичине ит, кандек ит; 2. *тех.* гашетка (*мылтыктын машасын жибергич рычаг*).

**СОБА'ЧНИК** *м. разг.* 1. (*любитель собак*) итти жакшы көрүүчү адам; 2. (*торговец собаками*) итпуруш, ит менен соода кылуучу, ит сатуучу адам.

**СОБЕЗЬЯ'ННИЧАТЬ** *сов. см.* **обезья́нничать.**

**СОБЕ'С** *м.* (социа́льное обеспе́чение) собес (социалдык камсыздандыруу мекемеси).

**СОБЕСЕ'ДНИК** *м.* аңгемелешип отурган киши.

**СОБЕСЕ'ДНИЦА** *женск. р. к* **собесе́дник.**

**СОБЕСЕ'ДОВАНИЕ** *ср.* аңгемелешүү.

**СОБИРА'ТЕЛЬ** *м.* жыйноочу; **собира́тель ска́зок** жомок жыйноочу; **собира́тель книг** китеп жыйноочу.

**СОБИРА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **собира́тель.**

**СОБИРА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *грам.* жамдама; **собира́тельные имена́ числи́тельные** жамдама атоочтор (*мис. бешөө, алтоо*).

**СОБИРА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **собра́ть;** 2. (*срывать*) терүү, жыйноо, үзүп жыйноо; **собира́ть цветы́** гүл терүү; **собира́ть виногра́д** жүзүмдү жыйноо (үзүп жыйноо); **собира́ть я́годы в лесу́** токойдон жер-жемиштерди терүү.

**СОБИРА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **собра́ться;** 2. *страд. к* **собира́ть.**

**СОБЛАГОВОЛИ'ТЬ** *сов. с неопр. ирон.* маркамат кылуу.

**СОБЛА'ЗН** *м.* азгырык, кумарлык; **ввести́** *кого-л.* **в собла́зн** *бирөөнү* азгырыкка киргизүү.

**СОБЛАЗНИ'ТЕЛЬ** *м.* азгыруучу.

**СОБЛАЗНИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **соблазни́тель.**

**СОБЛАЗНИ'ТЕЛЬНО** 1. *нареч.* азгырып, кызыктырып, кумардантып; 2. *безл. в знач. сказ.* суктанарлык; **э́то соблазни́тельно** бул суктанарлык нерсе.

**СОБЛАЗНИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* азгыргычтык, кызыктыргычтык, кумарданткычтык.

**СОБЛАЗНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое азгыруучу, кызыктыруучу, кумардантуучу; **соблазни́тельное предложе́ние** кызыктыруучу сунуш.

**СОБЛАЗНИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. *чем* (*прельстить*) кызыктыруу; **соблазни́ть обеща́нием** убада берип кызыктыруу; 2. *с неопр.* (*побудить*) кызыктыруу, азгыруу; **соблазни́ть пое́хать за́ город** шаардын сыртына чыгып келүүгө кызыктыруу; 3. *уст.* (*обольстить*) азгыруу, бузуу.

**СОБЛАЗНИ'ТЬСЯ** *сов.* азгырылуу, кызыгуу, кумардануу.

**СОБЛАЗНЯ'ТЬ** *несов. см.* **соблазни́ть.**

**СОБЛАЗНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **соблазни́ться;** 2. *страд. к* **соблазня́ть.**

**СОБЛЮДА'ТЬ** *несов. что* тутуу, сактоо, колдонуу; **соблюда́ть пра́вила вну́треннего распоря́дка** ички тартип эрежелерин сактоо; **соблюда́ть зако́н** законду сактоо.

**СОБЛЮДЕ'НИЕ** *ср.* тутуу, сактоо, колдонуу; **соблюде́ние дие́ты** диетаны сактоо.

**СОБЛЮСТИ'** *сов. см.* **соблюда́ть.**

**СОБО'Й** *мест. возвр. твор. п. от* **себя́; ты с собо́й его́ не равня́й** сен аны өзүңө теңебе; **я услы́шал за собо́й крик** мен арт жагымдан кыйкырык уктум; ◇ **само́ собо́й** өзүнөн өзү, анчалык кыйналбай эле, бирөөнүн кийлигишүүсүз эле; **само́ собо́й разуме́ется** *вводн. сл.* өзүнөн өзү белгилүү, өзүнөн өзү түшүнүктүү, албетте, сөзсүз, шексиз; **вести́ за собо́й** кандайдыр бир натыйжага алып баруу; **э́то предложе́ние ведёт за собо́й увеличе́ние производи́тельности труда́** бул сунуш эмгектин өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө алып барат; **хоро́ш собо́й** келишимдүү, сымбаттуу, сулуу.

**СОБОЛЕ'ЗНОВАНИЕ** *ср.* көңүл айтуу, көңүл айткандык, кайрат айтуу, кайгыга ортоктошуу, кайгырышуу; **вы́разить своё соболе́знование** өзү көңүл айтуу.

**СОБОЛЕ'ЗНОВАТЬ** *несов. кому-чему* көңүл айтуу, кайрат айтуу, кайгыга ортоктошуу, кайгырышуу.

**СОБО'ЛИЙ,** -ья, -ье **соболь-***го т.*; **собо́лий воротни́к** киш жака.

**СОБОЛИ'НЫЙ,** -ая, -ое 1. *см.* **собо́лий;** 2. *перен.* кундуздай; **соболи́ные бро́ви** кундуздай коюу кара каш.

**СО'БОЛЬ** *м.* киш (*айбан жана анын териси*).

**СОБО'Р** *м.* 1. *ист.* собор, жыйын (*Байыркы Русьта — мансаптагы же шайланган адамдардын жыйналышы*); **зе́мский собо́р** земский собор (*жалпы мамлекеттик жыйын*); 2. (*большая церковь*) собор (*чоң чиркөө*).

**СОБО'РНЫЙ,** -ая, -ое **собор-***го т.*; **собо́рное постановле́ние** *ист.* жалпы мамлекеттик жыйындын токтому; **собо́рная ба́шня** собордун мунарасы (*чоң чиркөөнүн мунарасы*).

**СОБО'Ю** *мест. см.* **собо́й.**

**СОБРА'НИЕ** *ср.* 1. (*заседание*) чогулуш, жыйылыш, жыйналыш; **о́бщее собра́ние чле́нов профсою́за** профсоюз мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу; **предвы́борные собра́ния избира́телей** шайлоочулардын шайлоо алдындагы чогулуш

www.bizdin.kg

тары; 2. (*выборный орган*) собрание, чогулуш; **законода́тельное собра́ние** закон чыгаруучу чогулуш; **учредительное собра́ние** учредителдик чогулуш; 3. (*собравшиеся лица*) жыйын; 4. (*собранные тексты*) жыйнак; **собра́ние зако́нов** закондор жыйнагы; **собра́ние сочине́ний В. И. Ле́нина** В. И. Лениндин чыгармаларынын жыйнагы; 5. (*коллекция*) жыйынды; **собра́ние минера́лов** минералдар жыйындысы.

**СОБРА'Т** *м.* кесиптеш, жолдош, -даш, **собра́т по ору́жию** куралдаш жолдош (*урушта бирге болгон*); **собра́т по перу́** каламдаш.

**СОБРА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*созвать в одно место*) чогултуу, жыйноо; **собра́ть люде́й на совеща́ние** элди кеңешмеге жыйноо; 2. *что* (*приобрести, получить*) чогултуу, жыйноо; **он собра́л мно́го книг** ал көп китеп жыйнады; **собра́ть чле́нские взно́сы** мүчөлүк взносторду жыйноо; 3. *что* (*снять, сорвать убирая*) алуу, оруп-жыюу; жыюу, жыйноо; терүү; **собра́ть я́годы сморо́дины** карагат терип алуу; **собра́ть хоро́ший урожа́й** жакшы түшүм алуу; 4. *что* (*сложить вместе*) чогултуу, жыюу, жыйноо; **собра́ть бума́ги** кагаздарды жыйноо; 5. *что* (*соединить части*) кураштыруу; **собра́ть маши́ну** машинаны кураштыруу; 6. *что* (*при голосовании*) ээ болуу; **собра́ть большинство́ голосо́в** көпчүлүк добушка ээ болуу (*шайлоодо*); 7. *кого-что* (*снарядить*) камдоо; **собра́ть дете́й в доро́гу** балдарды жолго камдоо; 8. *что, перен.* (*напрячь*) жыйноо, **собра́ть все свои́ си́лы** өзүнүн бардык күчүн жыйноо; 9. *что* (*сделать сборки*) бүйрүү; **в та́лии на́до собра́ть** белинен бүйрүү керек.

**СОБРА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*сойтись, скопиться*) чогулуу, жыйылуу, жыйналуу; **в кла́ссе собрали́сь все ученики́** бардык окуучулар класска чогулушту; **у меня́ собрала́сь колле́кция ма́рок** менде маркалар коллекциясы жыйналды; 2. (*приготовиться*) даярдануу, камдануу; **я собра́лся в теа́тр** мен театрга барууга камдандым; 3. *с неопр.* (*решиться*) -ганы жатуу; **он собра́лся уе́хать** ал кеткени жатат; ◇ **собра́ться с си́лами** күч жыйнап алуу; **собра́ться с мы́слями** оюн бир нерсеге топтоо, оюн бир нерсеге чогултуп багыттоо; **собра́ться с ду́хом** эсин жыюу, кайраттануу.

**СО'БСТВЕННИК** *м.* 1. (*владелец собственности*) жеке менчик ээси, жеке мүлк ээси; 2. *перен.* жеке менчиктин таламын талашуучу киши.

**СО'БСТВЕННИЦА** *женск. р. к* **со́бственник.**

**СО'БСТВЕННИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое жеке менчикчил.

**СО'БСТВЕННО** 1. *вводн. сл.* (*в сущности*) чынында, чынын айтканда, чындыгында; **э́то, со́бственно, не совсе́м так** бул, чындыгында, мындай эмес; **со́бственно говоря́, он прав** чындыгын айтканда, анык туура; 2. *частица* (*в собственном смысле слова*) өзү; **Во́лжскую систе́му составля́ют со́бственно Во́лга и её прито́ки** Волга системасын Волганын өзү жана анын тармактары түзөт.

**СОБСТВЕННОРУ'ЧНО** *нареч.* өз колу менен; **собственнору́чно подписа́ться** так өз колу менен кол коюу.

**СОБСТВЕННОРУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое өз колу менен, өз колу менен иштелген; **собственнору́чная по́дпись** өз колу, өзү койгон кол.

**СО'БСТВЕННОСТЬ** *ж.* менчик; **социалисти́ческая со́бственность на сре́дства произво́дства** өндүрүш каражаттарына болгон социалисттик менчик; **обще́ственная со́бственность** коомдук менчик; **кооперати́вно-колхо́зная со́бственность** кооперативдик-колхоздук менчик; **ли́чная со́бственность** жеке адамдын менчиги; **ча́стная со́бственность** жеке менчик; **дви́жимая со́бственность** козголмо менчик; **пра́во со́бственности** менчик укугу; **приобрести́ в со́бственность** менчик кылып алуу.

**СО'БСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*принадлежащий кому-чему-л.*) менчиктүү; **со́бственный дом** менчиктүү үй; 2. (*личный*) өз; **чу́вство со́бственного досто́инства** өз кадырын баалай билүү; **со́бственными сре́дствами** өз каражаты менен, өз күчү менен; **я ви́дел э́то со́бственными глаза́ми** мен муну өз көзүм менен көргөмүн; 3. (*совершаемый по своей воле*) өз; **со́бственный вы́бор** өз тандоосу; **по со́бственному жела́нию** өз каалоосу (ыктыяры) менен; 4. (*свойственный кому-чему-л.*) өз; **со́бственный вес те́ла** телонун өз салмагы; 5. (*буквальный, настоящий*) өз, чыныгы; **в со́бственном смы́сле сло́ва** *сөздүн өз маанисинде*; ◇ **и́мя со́бственное** *грам.* энчилүү ат.

**СОБУТЫ'ЛЬНИК** *м. разг.* бөтөлколөш (*ичкиликти бирге ичишкен киши*).

**СОБЫ'ТИЕ** *ср.* окуя; **неожи́данное собы́тие** күтүлбөгөн окуя; **истори́ческое собы́тие** тарыхый окуя; **междунаро́дные собы́тия** эл аралык окуялар; **теку́щие собы́тия** күндөлүк окуялар.

**собью́, собьёшь** *и т. д. буд. вр. от* **сбить.**

**собью́сь, собьёшься** *и т. д. буд. вр. от* **сби́ться.**

**СОВА'** *ж.* жапалак үкү, мыкый үкү (*куш*).

**СОВА'ТЬ** *несов. кого-что, разг.* тыга салуу, тыгуу, салуу; **сова́ть ве́щи в чемода́н** буюмдарды чемоданга тыгуу; **сова́ть ру́ки в карма́ны** колду чөнтөккө тыга салуу; ◇ **сова́ть нос не в свои́ дела́** тиешеси жок ишке кийлигишүү (катышуу).

**СОВА'ТЬСЯ** *несов. разг.* жутунуу, орду (ыгы) жок кийлигишүү, тыяк-быякка жутунуу; **не су́йся вперёд** алдыга карай жутунба; **сова́ться не в своё де́ло** башка ишке ыгы жок кийлигишүү.

**СОВЁНОК** *м.* жапалак үкүнүн балапаны.

**СОВЕРША'ТЬ** *несов. см.* **соверши́ть.**

**СОВЕРША'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **соверши́ться;** 2. *страд. к* **соверша́ть.**

**СОВЕРШЕ'НИЕ** *ср.* кылуу, иштөө, аткаруу.

**СОВЕРШЕ'ННО** *нареч.* такыр, таптакыр; **рабо́та соверше́нно гото́ва** иш таптакыр даяр; **соверше́нно ве́рно** тупатуура, абдан туура.

**СОВЕРШЕННОЛЕ'ТИЕ** *ср.* жашы толгондук, баралындык, жеткендик; **дости́гнуть совершенноле́тия** баралына толуу.

**СОВЕРШЕННОЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее 1. жашы толгон, баралына жеткен; 2. *в знач. сущ. м., ж.* эр жеткен, бой жеткен.

**СОВЕРШЕ'ННЫЙ** I, -ая, -ое 1. (*превосходный*) эң сонун, барып турган; **соверше́нное произведе́ние иску́сства** искусствонун эң сонун чыгармасы; 2. (*полный, несомненный*) так өзү, таптакыр, барып турган; **соверше́нная пра́вда** чындыктын өзү.

**СОВЕРШЕ'ННЫЙ** II, -ая, -ое: **соверше́нный вид** *грам.* этиштин бүткөн түрү.

**СОВЕРШЕ'НСТВО** *ср.* сонундук, мыктылык, кемтиксиздик, толук; **верх соверше́нства** барып турган сонундук (мыктылык, кемтиксиздик); **дости́гнуть соверше́нства** мыктылыкка жетишүү; **довести́ до соверше́нства** мыктылыкка жеткирүү; **владе́ть в соверше́нстве иностра́нным языко́м** чет тилди эң мыкты (сонун) билүү.

**СОВЕРШЕ'НСТВОВАНИЕ** *ср.* мыктылоо, жакшыртуу, жеткилең кылуу, жетилтүү; **соверше́нствование ме́тодов преподава́ния** окутуу методдорун жакшыртуу.

**СОВЕРШЕ'НСТВОВАТЬ** *несов. кого-что* мыктылоо, жакшыртуу, өркүндөтүү, жеткилең кылуу, жетилтүү; **соверше́нствовать техноло́гию произво́дства** өндүрүш технологиясын мыктылоо.

**СОВЕРШЕ'НСТВОВАТЬСЯ** *несов.* 1. мыктылануу, өркүндөлүү, жеткилең болуу, жетилүү, машыгуу; **я соверше́нствуюсь в ша́хматной игре́** мен шахмат оюнуна машыгып жатамын; 2. *страд. к* **соверше́нствовать.**

**СОВЕРШИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*сделать*) кылуу, көрсөтүү, иштөө; **соверши́ть по́двиг** эрдик (каармандык) көрсөтүү; 2. (*заключить, оформить*) кылуу, иштөө, байлашуу, жасоо; **соверши́ть сде́лку** сөз байлашуу (*бир иш жөнүндө келишүү, макулдашуу*).

**СОВЕРШИ'ТЬСЯ** *сов.* кылынуу, иштелүү, болуу; **соверши́лось ва́жное собы́тие** орчундуу окуя болду.

www.bizdin.kg

**СО'ВЕСТИТЬ** *несов. кого, разг.* уялтуу, уяткаруу; **со́вестить прока́зника** тентекти уяткаруу.

**СО'ВЕСТИТЬСЯ** *несов. кого-чего и с неопр., разг.* уялуу, тартынуу; **он со́вестится проси́ть вас об одолже́нии** ал сизден бир нерсе суроодон уялат (*мис. жардам*).

**СО'ВЕСТЛИВОСТЬ** *ж.* уялчаактык, уяттуулук, тартынчаактык.

**СО'ВЕСТЛИВЫЙ,** -ая, -ое уялчаак, уяттуу, тартынчаак; **со́вестливый челове́к** уялчаак киши.

**СО'ВЕСТНО** *в знач. сказ. кому-чему, с неопр. и с союзом «что», разг.* уят, уялуу; **как вам не со́вестно!** уят эмеспи!; **мне за вас со́вестно** сиз үчүн мен уялып жатам; **мне со́вестно вас беспоко́ить** сизди тынчсыздандыруу мен үчүн уят

**СО'ВЕСТЬ** *ж.* уят, ыйсап; **со споко́йной со́вестью** көңүлү тынчып, уялбай турган болуп; **у него́ со́весть нечиста́** анын өзүндө да бир балаа бар, а жагынан өзү да соо эмес; **угрызе́ния со́вести** өз күнөөсүн сезип өкүнүү, уялып сарсанаа болуу; **лю́ди с чи́стой со́вестью** ак ниет адамдар; **он не име́ет ни стыда́ ни со́вести** ал уят-сыйыт дегенди билбейт, анда уят-сыйыттан эч нерсе жок; ◇ **без зазре́ния со́вести** *см.* **зазре́ние; свобо́да со́вести** кандайдыр бир динге ишенүүгө тыюу салбоо (чектебөө); **для очи́стки (успокое́ния) со́вести** көңүлүн тынчытуу үчүн, кийин өкүнбөө үчүн; **не за страх, а за со́весть** ак ниети менен; **говоря́ по со́вести (по чи́стой со́вести)** жашырбастан, чынын айтканда, туурасын айтканда; **со споко́йной (лёгкой) со́вестью** бети чымырабай, уялбай; **име́ть** *что-л.* **на со́вести** *бир нерсе жөнүндө* айыптуу, күнөөлүү болуу; **э́то у меня́ на со́вести** буга мен айыптуумун, муну менден көр; **де́лать** *что-л.* **на со́весть** *бир нерсени* ак ниети менен иштөө.

**СОВЕ'Т** I *м.* (*орган государственной власти*) совет; **Сове́ты депута́тов трудя́щихся** Эмгекчилер депутаттарынын Советтери; **Верхо́вный Сове́т** Жогорку Совет; **Сове́т Сою́за** Союз Совети; **Сове́т Национа́льностей** Улуттар Совети; **ме́стные сове́ты** жергиликтүү советтер; **се́льский сове́т** айыл совети (айылдык совет); **городско́й сове́т** шаардык совет; **райо́нный сове́т** райондук совет; **областно́й сове́т** облысттык совет; **Сове́т рабо́чих, крестья́нских и красноарме́йских депута́тов** *ист.* Жумушчу, Дыйкан жана Кызыл Армия депутаттарынын Совети; **Съезд Сове́тов** *ист.* Советтердин Съезди; **вся власть Сове́там!** бардык бийлик Советтерге!

**СОВЕ'Т** II *м.* **1.** (*совещание*) совет, кеңеш, акыл; **вое́нный сове́т** согуштук совет; **семе́йный сове́т** үй-бүлө кеңеши; **держа́ть сове́т** акылдашуу, кеңешүү; **2.** (*коллегиальный орган*) совет; **Сове́т Мини́стров** Министрлер Совети; **Сове́т Наро́дных Комисса́ров** *ист.* Эл Комиссарлар Совети; **Сове́т труда́ и оборо́ны** *ист.* Эмгек жана Коргоо Совети; **учёный сове́т институ́та** институттун илимий совети.

**СОВЕ'Т** III *м.* (*наставление, указание*) кеңеш, акыл; **обрати́ться** *к кому-л.* **за сове́том** *бирөөгө* кеңеш (акыл) сурап кайрылуу; **дать хоро́ший сове́т** жакшы кеңеш берүү; **по** *чему-л.* **сове́ту** *бирөөнүн* акылына кирип, *бирөөнүн* кеңеши боюнча; **по сове́ту врача́** врачтын кеңеши боюнча; **он про́сит сове́та** ал кеңеш (акыл) сурайт.

**СОВЕ'ТНИК** *м.* **1.** (*тот, кто даёт совет*) кеңешчи, кеңеш берүүчү, акылчы, акыл кошуучу; **2.** (*название должностного лица*) советник; **сове́тник посо́льства** посольствонун советниги.

**СОВЕ'ТНИЦА** *женск. р. к* **сове́тник** 1.

**СОВЕ'ТОВАТЬ** *несов. кому что и с неопр.* кеңеш берүү, акыл айтуу.

**СОВЕ'ТОВАТЬСЯ** *несов. с кем* кеңешүү, акылдашуу; **сове́товаться с друзья́ми** достору менен акылдашуу.

**СОВЕ'ТСКИЙ,** -ая, -ое **совет** I-*ге т.*; советтик; **Сою́з Сове́тских Социалисти́ческих Респу́блик** Советтик Социалисттик Республикалар Союзу; **сове́тская власть** совет бийлиги, советтик бийлик; **сове́тский обще́ственный строй** советтик коомдук түзүлүш; **сове́тское госуда́рство** советтик мамлекет; **сове́тский наро́д** совет эли, советтик эл; **сове́тское прави́тельство** советтик өкмөт, совет өкмөтү; **Сове́тская А́рмия** Советтик Армия; **сове́тский учёный** советтик окумуштуу.

**СОВЕ'ТЧИК** *м. разг.* кеңешчи, акылчы.

**СОВЕ'ТЧИЦА** *женск. р. к* **сове́тчик.**

**СОВЕЩА'НИЕ** *ср.* **1.** (*обсуждение*) кеңешүү, акылдашуу; **суд удали́лся на совеща́ние** сот кеңешүү үчүн чыгып кетти (*башка бөлмөгө*); **2.** (*заседание*) кеңешме; **произво́дственное совеща́ние** өндүрүштүк кеңешме; **устро́ить совеща́ние** кеңешме чакыруу.

**СОВЕЩА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кеңеш берүүчү; **совеща́тельный го́лос** кеңеш берүүчү добуш; **совеща́тельный о́рган** кеңешүүчү орган.

**СОВЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* кеңешүү, акылдашуу

**СОВИНФОРМБЮРО'** *ср.* (сове́тское информацио́нное бюро́) совинформбюро (советтик информациялык бюро).

**СОВИ'НЫЙ,** -ая, -ое **сова**-*га т.*; **сови́ное гнездо́** жапалак үкүнүн уясы, мыкый үкүнүн уясы.

**СОВЛАДА'ТЬ** *сов. с кем-чем, разг.* башкаруу, күчү жетүү, бийлей алуу, кармай алуу (билүү); **он смог совлада́ть с собо́й** ал өзүн кармай алды (билди).

**СОВЛАДЕ'ЛЕЦ** *м. офиц.* кошо ээ, бирге ээ, энчилеш.

**СОВЛАДЕ'ЛИЦА** *женск. р. к* **совладе́лец.**

**СОВЛЕКА'ТЬ** *несов. см.* **совле́чь.**

**СОВЛЕ'ЧЬ** *сов. кого-что, уст.* азгыруу, буруу, тайгылтуу; **совле́чь с пра́вильного пути́** туура жолдон тайгылтуу.

**СОВМЕСТИ'МОСТЬ** *ж.* батышкычтык, сыйышкычтык, бирге кошула алуучулук, сиңишүүчүлүк; **совмести́мость двух поня́тий** эки түшүнүктүн сыйышкычтыгы.

**СОВМЕСТИ'МЫЙ,** -ая, -ое батышуучу, батышкыч, сыйышуучу, сыйышкыч, бирге кошула алуучу, сиңишүүчү.

**СОВМЕСТИ'ТЕЛЬ** *м.* совместитель (*бир нече жерде, кызматта иштөөчү адам*; *бир убакыттын ичинде бир нече мекеме же ишканаларда иштөөчү адам*).

**СОВМЕСТИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **совмести́тель.**

**СОВМЕСТИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* совместительство (*бир нече жерде, кызматта иштөөчүлүк*); **рабо́тать по совмести́тельству** совместитель болуп иштөө.

**СОВМЕСТИ'ТЕЛЬСТВОВАТЬ** *несов.* совместитель болуп иштөө (*бир нече жерде кызматта иштөө*).

**СОВМЕСТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*соединить вместе*) батыштыруу, сыйыштыруу, бирге кошуу, бирге алып баруу; **он мо́жет совмести́ть две специа́льности** ал эки специальностуну бирге алып бара алат (сыйыштыра алат); **2.** *кого-что* бириктирүү, кошуу; **я не могу́ совмести́ть э́то с мо́ими убежде́ниями** мен муну өзүмдүн ишенимим (пикирим) менен бириктире албаймын.

**СОВМЕСТИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*совпасть при наложении*) дал келүү; **треуго́льники совмести́лись** үч бурчтуктар дал келишти; **2.** (*соединиться*) батышуу, сыйышуу, орун алуу, дал келүү, биригүү; **в нём совмести́лись теорети́ческие позна́ния и практи́ческий о́пыт** анда теориялык билим менен практикалык тажрыйба бириккен.

**СОВМЕ'СТНО** *нареч.* бирге, биргелешип; **совме́стно обсуди́ть вопро́с** маселени биргелешип талкуулоо.

**СОВМЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое бирге, биргелешип, биргелешкен, биригишкен, биримдик, кошмо; **совме́стная обрабо́тка земли́** жерди биргелешип иштетүү; **совме́стное обуче́ние** бирге окутуу; **совме́стное заседа́ние обе́их пала́т Верхо́вного Сове́та СССР** СССР Жогорку Советинин эки палатасынын кошмо заседаниеси.

**СОВМЕЩА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **совмести́ть; 2.** *что* (*различные должности*) совместитель болуп иштөө, бир убакыттын ичинде бир нече мекемеде иштөө.

www.bizdin.kg

**СОВМЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **совмести́ться;** 2. *страд. к* **совмеща́ть.**

**СОВМЕЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. батышуу, сыйышуу, дал келүү; биригүү; 2. совместитель болуп иштөө.

**СОВНАРКО'М** *м.* (Сове́т Наро́дных Комисса́ров) *ист.* Совнарком (Эл Комиссарлар Совети).

**СОВНАРХО'З** *м.* (Сове́т наро́дного хозя́йства) совнархоз (Эл Чарба Совети).

**СОВО'К** *м.* калак.

**СОВОКУПИ'ТЬСЯ** *сов. уст.* 1. (*соединиться*) чогулуу, биригүү, жыйылуу; 2. *с кем* (*о половых сношениях*) жакындашуу (*жыныс катышуусу*).

**СОВОКУПЛЕ'НИЕ** *ср. уст.* жакындашуу (*жыныс катышуусу*).

**СОВОКУПЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **совокупи́ться.**

**СОВОКУ'ПНОСТЬ** *ж.* жыйынды; **совоку́пность усло́вий** шарттардын жыйындысы; **совоку́пность да́нных** маалыматтардын жыйындысы.

**СОВОКУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое жалпы, чогуу, биргелешкен.

**СОВПАДА'ТЬ** *несов. см.* **совпа́сть.**

**СОВПАДЕ'НИЕ** *ср.* дал келүү, дал келгендик, туура келүү, туура келгендик, бап келүү, бап келгендик; **совпаде́ние двух чи́сел** эки сандын дал келүүсү; **совпаде́ние обстоя́тельств** кырдаалдардын дал келиши.

**СОВПА'СТЬ** *сов.* 1. *с чем* (*во времени*) дал келүү, туура келүү, бап келүү; **э́то собы́тие совпа́ло с его́ прие́здом** бул окуя анын келишине туура келип калды; 2. (*оказаться общим, однородным*) дал келүү, бап келүү, бирдей чыгуу; **показа́ния свиде́телей совпа́ли** күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү дал келди (бирдей чыкты); 3. *мат.* дал келүү; **окру́жности совпа́ли** тегеректер (айланалар) бири-бирине дал келди.

**СОВРАТИ'ТЕЛЬ** *м.* азгыргыч, бузуку, козуткуч.

**СОВРАТИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **соврати́тель.**

**СОВРАТИ'ТЬ** *сов. кого* азгыруу, жолдон чыгаруу, бузуу, козутуу.

**СОВРАТИ'ТЬСЯ** *сов.* азгырылуу, жолдон чыгуу, бузулуу.

**СОВРА'ТЬ** *сов. что, разг.* калп айтуу, жалган айтуу.

**СОВРАЩА'ТЬ** *несов. см.* **соврати́ть.**

**СОВРАЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **соврати́ться;** 2. *страд. к* **совраща́ть.**

**СОВРАЩЕ'НИЕ** *ср.* азгыруу, жолдон чыгаруу, бузуу, козутуу.

**СОВРЕМЕ'ННИК** *м.* замандаш; **совреме́нники Пу́шкина** Пушкиндин замандаштары.

**СОВРЕМЕ'ННОСТЬ** *ж.* 1. азыркы заманга ылайыктуулук; **совреме́нность взгля́дов** көз караштын азыркы заманга ылайыктуулугу; 2. (*современная действительность*) азыркы заман, үстүбүздөгү заман; **отрази́ть совреме́нность в рома́не** азыркы заманды романда көрсөтүү.

**СОВРЕМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*относящийся к одному времени с кем-чем-л.*) замандаш; **совреме́нные Пу́шкину поэ́ты** Пушкинге замандаш поэттер; 2. (*относящийся к настоящему времени*) азыркы замандагы, ушу кездеги; **совреме́нная жизнь** ушу кездеги турмуш; 3. (*стоящий на уровне своего века*) азыркы замандагы, азыркы (ушу) заманга ылайык; **совреме́нная те́хника** азыркы замандагы техника.

**СОВСЕ'М** *нареч.* 1. (*совершенно, вполне*) такыр, таптакыр, абдан, толук; **совсе́м но́вый костю́м** абдан жаңы костюм; **рабо́та совсе́м гото́ва** иш толук даяр; 2. *с отриц.* (*вовсе*) такыр, таптакыр; **я э́того совсе́м не ожида́л** мен муну такыр күткөн эмесмин; **он меня́ совсе́м не зна́ет** ал мени таптакыр билбейт; 3. (*окончательно*) такыр, биротоло; **он уе́хал совсе́м** ал биротоло кетти.

**СОВХО'З** *м.* совхоз.

**СОВХО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **совхоз**-*го т.*; совхоздук; **совхо́зные постро́йки** совхоздук имараттар; **совхо́зная посевна́я пло́щадь** совхоздук айдоо аянт.

**СОГЛА'СИЕ** *ср.* 1. (*разрешение*) макулдук; **дать согла́сие** макулдук берүү; **сде́лать** *что-л. с чьего-л.* **согла́сия** *бир нерсени бировнун* макулдугу менен иштөө; **молча́ние — знак согла́сия** унчукпагандык — макулдуктун белгиси; 2. (*единомыслие*) макул болушуу, келишүү; **прийти́ к согла́сию** макул болушуу, бири-бири менен келишүү; 3. (*дружественные отношения*) ынтымак, ынтымактуулук; **у нас в семье́ цари́т по́лное согла́сие** биздин үй-бүлөдө толук ынтымактуулук өкүм сүрүп турат; 4. (*стройность, гармония*) үйкаштык, куюлушуп туруу, ырааттуулук.

**СОГЛАСИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое макулдаштыруучу, келиштирүүчү, жараштыруучу.

**СОГЛАСИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *на что, с кем-чем и с неопр.* макул болуу, көнүү, моюнга алуу; **согласи́ться на предложе́ние** сунушка макул болуу; **согласи́ться** *с чьим-л.* **мне́нием** *бировнун* пикири менен макул болуу; **он согласи́лся прийти́ к нам** ал бизге келүүгө макул болду. 2. *с неопр.* (*сговориться, условиться*) келишүү, макулдашуу, макул болуу, сөз байлашуу.

**СОГЛА'СНО** I *нареч.* 1. (*дружно*) ынтымактуу; **жить согла́сно** ынтымактуу жашоо; 2. (*стройно, гармонично*) уккулуктуу, жагымдуу; **петь согла́сно** уккулуктуу, жагымдуу кылып ырдоо (*бир нече киши, хор*).

**СОГЛА'СНО** II *предлог* 1. *с дат. п.* ылайык, боюнча, карай, карата; **согла́сно предписа́нию** буйрукка ылайык; **согла́сно зако́ну** законго ылайык; 2. *с предлогом «с»* ылайык, боюнча, карай; **согла́сно с зако́ном** законго ылайык; **согла́сно с реше́нием** чечимге ылайык.

**СОГЛА'СНЫЙ** I, -ая, -ое 1. макул; **я согла́сен на все усло́вия** мен бардык шарттарга макулмун; **мы с тобо́й не согла́сны** биз сени менен макул эмеспиз; 2. *уст.* (*совпадающий с чем-л.*) туура, ылайык, бирдей; **ко́пия согла́сна с по́длинником** көчүрмө нускасы менен бирдей; 3. (*дружный*) ынтымактуу; **согла́сная семья́** ынтымактуу үй-бүлө; 4. (*стройный, гармоничный*) уккулуктуу, текши; **согла́сное пе́ние** уккулуктуу (текши) кылып ырдоо (*бир нече киши, хор*).

**СОГЛА'СНЫЙ** II, -ая, -ое *лингв.* 1. үнсүз; **согла́сный звук** үнсүз тыбыш; 2. *в знач. сущ. м.* үнсүз.

**СОГЛАСОВА'НИЕ** *ср.* 1. макулдашуу, келишүү; **согласова́ние прое́кта** проектти макулдашуу; 2. *грам.* ээрчишүү (*бири-бирине багыныштуу сөздөрдүн грамматикалык формаларынын ээрчишүүсү*).

**СОГЛАСО'ВАННО** *нареч.* 1. келишип, макулдашып, бир ыңтайга келип; 2. ынтымакта, текши; **де́йствовать согласо́ванно** макулдашып аракет кылуу, текши аракет кылуу.

**СОГЛАСО'ВАННОСТЬ** *ж.* макулдашылгандык, келишкендик, бир ыңтайга келгендик; **согласо́ванность де́йствий** аракеттин макулдашылгандыгы.

**СОГЛАСО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **согласова́ть;** 2. *прил.* макулдашылган, келишилген, ынтымактуу, текши; **согласо́ванные уси́лия** ынтымактуу аракет.

**СОГЛАСОВА'ТЬ** *сов.* 1. *что с чем* бир ыңтайга келтирүү, келиштирүү; **согласова́ть прое́кты** долбоорлорду бир ыңтайга келтирүү; 2. *что с кем* (*получить согласие*) макулдашуу, келишүү; **согласова́ть вопро́с с дире́ктором** маселени директор менен макулдашуу; 3. *что с чем, грам.* ээрчишүү, эптештирүү; **согласова́ть прилага́тельное с существи́тельным** сын атоочту зат атооч менен ээрчиштирүү.

**СОГЛАСОВА'ТЬСЯ** *сов. с чем* 1. ылайык келүү, туура келүү; **э́то постановле́ние не согласу́ется с пре́жним** бул токтом мурунку токтомго ылайык келбейт; 2. *грам.* ээрчишүү, эптешүү.

**СОГЛАСО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **согласова́ть.**

**СОГЛАСО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **согласова́ться;** 2. *страд. к* **согласо́вывать.**

**СОГЛАША'ТЕЛЬ** *м. презр.* келишкич, келишүүчү (*буржуазия менен келишүү саясатын жүргүзүүчү оппорту-*

www.bizdin.kg

нист; *жумушчу табынын таламына чыккынчылык кылуучу оппортунист*).

**СОГЛАША'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое *презр.* **соглашатель**-ге, **соглашательство**-го *т.*; келишкич, келишүүчү, келишип кетүүчү.

**СОГЛАША'ТЕЛЬСТВО** *ср. презр.* келишкичтик, келишүүчүлүк.

**СОГЛАША'ТЬСЯ** *несов. см.* **согласиться.**

**СОГЛАШЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*взаимное согласие*) келишим, келишүү, макулдашуу, ынтымакташуу; **достичь соглашения** *с кем-л. бирөө менен* келишимге жетишүү; **2.** (*договор*) келишим; **торговое соглашение** соода келишими.

**СОГЛЯДА'ТАЙ** *м. уст.* тыңчы, аңдуучу, шпион.

**СОГНА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*с места*) айдоо, кубалоо, куул түшүрүү; **согнать кошку со стула** мышыкты стулдан куул түшүрүү; **2.** (*в одно место*) айдап жыйноо, чогултуу; **согнать скот** малды айдап чогултуу.

**СОГНУ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* ийүү; **согнуть проволоку** сымды ийүү; **2.** *кого-что* (*сгорбить*) бүкүрөйтүү, бүкчүйтүү; **старость согнула его** карылык аны бүкчүйттү; **3.** *кого-что, перен.* (*сломить силу, стойкость*) чөктүрүү, күчүн кетирүү, кайратын кетирүү; **горе не согнуло его** кайгы анын кайратын кетирген жок.

**СОГНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*стать изогнутым*) ийилүү; **проволока согнулась** сым ийилди; **2.** (*согнуть спину*) бүкүрөйүү, бүкчүйүү.

**СОГРЕВА'НИЕ** *ср.* жылытуу, ысытуу; **согревание воздуха** абаны жылытуу.

**СОГРЕВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **согревательный компресс** ысытуучу компресс.

**СОГРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **согреть.**

**СОГРЕВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **согреться; 2.** *страд. к* **согревать.**

**СОГРЕВА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее ысытуучу, ысыткыч; **согревающий компресс** ысытуучу (ысыткыч) компресс.

**СОГРЕ'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** жылытуу, ысытуу; **согреть руки** колду жылытуу; **солнце согрело землю** күн жерди жылытты (ысытты); **2.** *перен.* көңүлүн көтөрүү, кубантуу; **мать согрела ребёнка своей лаской** эне эркелетип баланын көңүлүн көтөрдү.

**СОГРЕ'ТЬСЯ** *сов.* жылынуу, жылуу, жылытылуу; **мы согрелись горячим чаем** биз ысык чай менен жылындык.

**СОГРЕШЕ'НИЕ** *ср. уст.* күнөө кылуу, жазыктуу болуу.

**СОГРЕШИ'ТЬ** *сов. уст.* күнөө кылуу, жазык кылуу.

**СО'ДА** *ж.* сода (*көмүр . кычкыл натрий*); **каустическая сода** каустикалык сода, күйдүргүч сода; **питьевая сода** ичүүчү сода.

**СОДЕ'ЙСТВИЕ** *ср.* жардам, кол кабыш; **оказать содействие** жардам көрсөтүү; **при содействии** жардамынын натыйжасында, жардамы менен.

**СОДЕ'ЙСТВОВАТЬ** *сов. и несов. кому-чему* жардам кылуу, кол кабыш кылуу, жөлөк болуу; **содействовать успеху** ийгиликке жардам кылуу.

**СОДЕРЖА'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) кармоо, тутуу; **содержание дома в чистоте** үйдү тазалыкта кармоо; **2.** (*довольствие, деньги*) айлык, кызмат акы, багуу; **получать месячное содержание** бир айлык кызмат акыны алуу; **отпуск с сохранением содержания** кызмат акысы сакталган отпуск; **быть на содержании** *у кого-л. бирөөнүн* багуусунда болуу, *бирөөнүн* эсебинен жашоо; **3.** (*сущность, смысл*) мазмун; **содержание доклада** докладдын мазмуну; **форма и содержание** форма жана мазмун; **4.** (*количество чего-л.*) өлчөм (*бир нерсенин ичиндеги заттын өлчөмү*); **содержание сахара в свёкле** кант кызылчасынын ичиндеги канттын өлчөмү; **5.** (*оглавление*) мазмун; **6.** (*состав*) состав; **содержание сплава** металл эритиндисинин составы.

**СОДЕРЖА'НКА** *ж. уст.* ойнош аял (*буржуазиялык коомдо — ойношунун эсебинен жашаган аял*).

**СОДЕРЖА'ТЕЛЬ** *м. уст.* ээси, кожоюну; **содержатель гостиницы** гостиницанын ээси.

**СОДЕРЖА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **содержатель.**

**СОДЕРЖА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* мазмундуулук, маңыздуулук; **содержательность пьесы** пьесанын мазмундуулугу.

**СОДЕРЖА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое мазмундуу, маңыздуу; **содержательная статья** мазмундуу макала.

**СОДЕРЖА'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*давать средства к жизни*) багуу; **содержать семью** үй-бүлөнү багуу; **2.** *кого* (*помещать где-л.*) багуу, кармоо, тутуу; **кроликов содержат в клетках** кроликтерди клеткаларда багышат; **3.** (*держать в том или ином состоянии*) кармоо, тутуу, урунуу; **содержать вещи в порядке** буюмдарды таза кармоо (урунуу); **4.** (*заключать в себе*) бар болуу; **эта горная порода содержит железо** бул тоо тегинин ичинде темир бар.

**СОДЕРЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*находиться, помещаться*) кармалуу, тутулуу; **2.** (*находиться в каком-л. состоянии*) кармалуу, тутулуу; **комната содержится в чистоте** үй тазалыкта кармалат; **3.** (*заключаться в чём-л.*) бар болуу; **в свёкле содержится много сахара** кант кызылчасында көп кант бар; **4.** *страд. к* **содержать.**

**СОДЕРЖИ'МОЕ** *ср.* ичиндеги; **содержимое ящика** ящиктин ичиндеги (*нерселер*).

**СО'ДОВЫЙ,** -ая, -ое **сода**-га *т.*; **содовая вода** сода суусу.

**СОДОКЛА'Д** *м.* кошумча доклад.

**СОДОКЛА'ДЧИК** *м.* кошумча докладчы.

**СОДО'М** *м. разг.* уу-чуу, азан-казан, күрүгүү-чуручуу.

**СОДРА'ТЬ** *сов. что* **1.** сыйруу; **содрать шкуру с убитого зверя** өлтүрүлгөн жырткычтын (айбандын) терисин сыйруу; **2.** *перен. разг.* (*взять высокую цену*) абдан кымбат сатуу, шылып алуу.

**СОДРОГА'НИЕ** *ср.* дирилдөө, калтыроо, жийиркенип (чочуп) калтыроо, муун калтыроо, жүрөк зырпылдоо; **он с содроганием вспоминал об этом случае** бул окуя анын эсине түшкөндө, ал калтырап кетчү эле.

**СОДРОГА'ТЬСЯ** *несов. см.* **содрогнуться.**

**СОДРОГНУ'ТЬСЯ** *сов.* дирилдөө, селт этүү, жүрөк титирөө, жүрөк зырпылдоо; **содрогнуться от ужаса** корккондон селт этип кетүү.

**СОДРУ'ЖЕСТВО** *ср.* (*взаимная дружба*) достук, ынтымак, ынтымактуулук, татуулук, биргелик; **боевое содружество** согуштук достук; **содружество науки и производства** илимдин жана өндүрүштүн ынтымагы.

**СО'ЕВЫЙ,** -ая, -ое **соя**-га *т.*; **соевые посевы** соя айдалган жерлер; **соевое масло** соя майы.

**СОЕДИНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) кошуу, улоо, туташтыруу, жалгоо; **соединение сил** күчтөрдү кошуу; **2.** (*место*) кошулган жери; **3.** *воен.* бирикме; **кавалерийское соединение** кавалериялык бирикме; **4.** *хим.* кошунду; **химическое соединение** химиялык кошунду.

**СОЕДИНЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **соединить; 2.** *прил.* (*объединённый*) бириккен; **соединёнными усилиями** бириккен күч менен.

**СОЕДИНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бириктирүүчү, бириктиргич, туташтыргыч, туташтырма; **соединительная ткань** *биол.* бириктиргич ткань; **соединительный союз** *грам.* байланыштыргыч байламта.

**СОЕДИНИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* бириктирүү, кошуу; **соединить две группы** эки группаны кошуу; **2.** *что* (*связать вместе, скрепить*) улоо, жалгоо, улаштыруу; **3.** *кого-что* (*установить связь*) байланыштыруу; **меня соединили с ним по городскому телефону** мени аны менен шаардык телефон аркылуу байланыштырышты.

**СОЕДИНИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*объединиться*) биригүү, кошулуу; **войска соединились для наступления** войсколор чабуулга өтүү үчүн биригишти; **2.** (*соприкоснуться, скрепиться*) уланууу, жалгануу, уланыштырылуу; **провода соединились** проводдор улаштырылды; **3.** (*установить связь*) байланышуу; **соединиться по телефону** телефон аркы-

www.bizdin.kg

луу байланышуу; 4. (*сочетаться*) айкалышуу; **в нём соединúли разноро́дные спосо́бности** анда ар түрдүү шыктуулук айкалышкан.

**СОЕДИНЯ'ТЬ** *несов см.* **соединúть.**

**СОЕДИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **соединúться;** 2. *страд. к* **соединя́ть.**

**СОЖАЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. өкүнүү, кайгыруу; **сожале́ние о потéрянном врéмени** жоготулган убакыт жөнүндө өкүнүү; 2. (*жалость*) гёо, боору ооруу, кабыргасы кайышуу; **мне не на́до ва́ших сожале́ний** мага сиздин боор ооруганыңыздын кереги жок; ◇ **к сожале́нию** *вводн. сл.* кап, аттигинай; атаганат, тилекке каршы.

**СОЖАЛЕ'ТЬ** *несов. о ком-чём и с союзом «что»* өкүнүү, кайгыруу, кабыргасы кайышуу; **сожалéю, что не могу́ помóчь вам** сизге жардамдаша албаганыма өкүнөм.

**СОЖЖЕ'НИЕ** *ср.* жагуу, өрттөө, күйдүрүү.

**СОЖИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. (*по комнате*) бирге туруучу, бирге жашоочу; 2. *уст.* (*любовник*) ойнош, тамыр, жүргөн киши.

**СОЖИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **сожúтель.**

**СОЖИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* 1. (*совместная жизнь*) бирге туруучулук, бирге жашоочулук, бир үйдө туруучулук; 2. *уст.* (*внебрачная связь*) ойношчулук, ойноштук.

**СОЖИ'ТЕЛЬСТВОВАТЬ** *несов. с кем* 1. (*жить совместно*) бирге туруу, бир үйдө туруу; 2. *уст.* (*находиться в связи*) ойнош болуп туруу, тамыр болуп жүрүү.

**СОЖРА'ТЬ** *сов. кого-что, груб.* лапылдатып жеп жиберүү, жалмап жиберүү.

**СОЗВА'НИВАТЬСЯ** *несов. см.* **созвонúться.**

**СОЗВА'ТЬ** *сов. кого-что* чакыруу; **созва́ть гостéй** конок чакыруу; **созва́ть совеща́ние** кеңешме чакыруу.

**СОЗВЕ'ЗДИЕ** *ср. астр.* топ жылдыз; **созвéздие Большóй Медвéдицы** Жетиген, Жети Аркар.

**СОЗВОНИ'ТЬСЯ** *сов.* (*по телефону*) бири-бири менен телефон аркылуу сүйлөшүү.

**СОЗВУ'ЧИЕ** *ср.* 1. *муз.* үндөштүк, үнү бирдейлик, үнү бирдей чыгуучулук; 2. *поэт.* уйкаштык; **ри́фма — созву́чие концóв стихотвóрных строк** рифма — ыр саптарынын аягындагы уйкаштык.

**СОЗВУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. үндөш, үнү бирдей, уйкаш; **созву́чные аккóрды** үндөш аккорддор; 2. *перен.* уйкаш, окшош, ылайык, бири-бирине туура келген; **созву́чные худóжественные óбразы** уйкаш келген көркөм образдар.

**СОЗДАВА'ТЬ** *несов. см.* **созда́ть.**

**СОЗДАВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **созда́ться;** 2. *страд. к* **создава́ть.**

**СОЗДА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) жасоо, түзүү, жаратуу; **созда́ние кни́ги** китепти түзүү; 2. (*произведение*) чыгарма; **лу́чшие созда́ния Пу́шкина** Пушкиндин эң мыкты чыгармалары; 3. *разг.* (*о человеке*) адам, жан; **э́та дéвочка — ми́лое созда́ние** бул кыз сүйкүмдүү бир жан.

**СОЗДА'ТЕЛЬ** *м.* 1. жасоочу, түзүүчү, жаратуучу; 2. *рел. уст.* (*бог*) жараткан, жасаган (*кудай*).

**СОЗДА'ТЬ** *сов. кого-что* жасоо, түзүү, жаратуу; **созда́ть все услóвия для рабóты** иштөө үчүн бардык шарттарды түзүү; **созда́ть впечатлéние** пикир туудуруу.

**СОЗДА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*возникнуть, образоваться*) жасалуу, түзүлүү, туулуу, пайда болуу, жаратылуу; 2. (*сложиться*) туулуу, пайда болуу; **у всех прису́тствующих создалóсь однó мнéние** катышып отургандардын бардыгында бир пикир туулду.

**СОЗЕРЦА'НИЕ** *ср.* сырттан эле жайбаракат байкоо жүргүзүү; кыялга батып сүзүлүп кароо (байкоо); **погрузи́ться в созерца́ние прирóды** жаратылышты жайбаракат эле байкап отуруу (туруу); **э́тот человéк склóнен к созерца́нию** бул адам жайбаракат кыялга батууну дурус көрөт.

**СОЗЕРЦА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* сырттан эле жайбаракат байкоо жүргүзүүчүлүк, жайбаракат эле байкап туруучулук (отуруучулук); кыялга батып сүзүлүп кароочулук.

**СОЗЕРЦА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сырттан эле жайбаракат байкоо жүргүзүүчү; кыялга батып, сүзүлүп кароочу (байкоочу).

**СОЗЕРЦА'ТЬ** *несов. кого-что* сырттан эле жайбаракат байкоо; кыялга батып сүзүлүп кароо (байкоо); **созерца́ть прирóду** жаратылышты сырттан эле жайбаракат байкап туруу.

**СОЗИДА'НИЕ** *ср.* тургузуу, жасоо, жаратуу; **созида́ние коммунисти́ческого óбщества** коммунисттик коомду тургузуу.

**СОЗИДА'ТЕЛЬ** *м.* тургузуучу, жасоочу, жаратуучу.

**СОЗИДА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жасагыч, жараткыч; **созида́тельный труд** жасагыч эмгек.

**СОЗИДА'ТЬ** *несов. см.* **созда́ть.**

**СОЗИДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **созда́ться;** 2. *страд. к* **созида́ть.**

**СОЗНАВА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **созна́ть;** 2. *что* (*воспринимать сознанием*) түшүнүү, аңдоо, билүү; **ребёнок ужé сознаёт окружа́ющее** бала айланасындагыларды аңдап калды.

**СОЗНАВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **созна́ться;** 2. *страд. к* **сознава́ть** 2.

**СОЗНА'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) сезүү; **созна́ние своегó дóлга** өз милдетин сезүү; 2. (*мысль, чувство*) сезим; **егó му́чило созна́ние, что он оши́бся** жаңылдым деген сезим аны кыйнады; 3. *филос.* (*способность мыслить*) аң, аң-сезим, эс, ой, **кла́ссовое созна́ние** таптык аң-сезим; 4. (*признание*) моюнга алуу; **созна́ние своéй вины́** өз күнөөсүн моюнга алуу; 5. эс, **потеря́ть созна́ние** эстен тануу, эси оош, эсин жоготуу; **прийти́ в созна́ние** эсине келүү.

**СОЗНА'ТЕЛЬНО** *нареч.* 1. түшүнүп, билип, маанисине түшүнүп, эстүүлүк менен; **созна́тельно относи́ться к свои́м обя́занностям** өз милдеттерине эстүүлүк менен мамиле кылуу; 2. (*намеренно, с умыслом*) биле туруп, билип туруп эле, атайы эле; **он созна́тельно не зашёл сюда́** ал билип туруп эле мында кирбей койду.

**СОЗНА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. эстүүлүк, аңдуулук, сезимдүүлүк; **полити́ческая созна́тельность масс** массанын саясий сезимдүүлүгү; 2. (*преднамеренность*) бир ишти биле туруп кылгандык, атайы кылгандык.

**СОЗНА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*обладающий сознанием*) эстүү, аңдуу, сезимдүү; 2. (*понимающий, вникающий в сущность*) эстүү, сезимдүү; **созна́тельное отношéние** эстүү мамиле; 3. (*намеренный*) биле туруп, атайы иштеген; **созна́тельный обма́н** биле туруп алдоо.

**СОЗНА'ТЬ** *сов. что* моюнга алуу; **созна́ть свою́ оши́бку** өз жаңылыштыгын моюнга алуу.

**СОЗНА'ТЬСЯ** *сов. кому в чём* моюнга алуу; ◇ **нельзя́ не созна́ться** *или* **на́до созна́ться** чынын айтканда; кептин туурасын, ырасын айтканда.

**СОЗРЕВА'НИЕ** *ср.* бышуу, бышып жетилүү; **бы́строе созрева́ние плодóв** жемиштердин тез бышышы.

**СОЗРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **созрéть.**

**СОЗРЕ'ТЬ** *сов.* 1. бышуу, бышып жетилүү; **гру́ши созрéли** алмуруттар бышты; 2. *перен.* жетилүү, кемелге (баралга) жетүү; 3. *перен.* жетилүү; **в моём умé созрéл план** план менин оюмда жетилди.

**СОЗЫ'В** *м.* чакыруу, чакырылуу; **созы́в конферéнции** конференция чакыруу; **Верхóвный Совéт СССР четвёртого созы́ва** СССР Жогорку Советинин төртүнчү чакырылышы.

**СОЗЫВА'ТЬ** *несов. см.* **созва́ть.**

**СОИЗВО'ЛИТЬ** *несов. ирон.* маркамат кылуу, жароо; **он не соизвóлил позвони́ть по телефóну** ал телефон менен звонить этип да койгонго жараган жок.

**СОИЗМЕРИ'МОСТЬ** *ж.* 1. *мат.* өлчөмдөштүк; **соизмери́мость величи́н** чоңдуктардын өлчөмдөштүгү; 2. *перен.* салыштыраарлык, теңештирээрлик.

**СОИЗМЕРИ'МЫЙ,** -ая, -ое 1. *мат.* өлчөмдөш, салыштыраарлык; **соизмери́мые треугóльники** өлчөмдөш үч бурч-

www.bizdin.kg

туктар; 2. *перен.* салыштыраарлык, теңдештирээрлик; **соизмери́мые поня́тия** салыштыраарлык түшүнүктөр.

**СОИСКА'НИЕ** *ср.* изденүү, алуу үчүн талаптануу; **диссерта́ция на соиска́ние учёной сте́пени** илимий даража алуу үчүн диссертация.

**СОИСКА'ТЕЛЬ** *м.* изденүүчү, талаптануучу.

**СОИСКА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р.* к **соиска́тель.**

**СО'ЙКА** *ж.* сойка (*тараанчылар отрядына кирүүчү токой кушу*).

**СОЙТИ'** *сов.* 1. *с чего, на что* (*спуститься*) түшүү; **сойти́ с ле́стницы** тепкичтен түшүү; **ночь сошла́ на зе́млю** *перен.* жерге түн кирди; 2. *с чего* (*упасть, соскользнуть*) чыга берүү, чыгып кетүү; **по́езд сошёл с ре́льсов** поезд рельстен чыгып кетти; 3. *с чего* (*исчезнуть*) жоголуу, кетүү; **снег сошёл с поле́й** талаадан кар кетти; **зага́р сошёл с лица́** беттин күнгө күйгөнү жоголду; 4. *за кого-что, разг.* (*быть принятым за кого-л.*) ордуна жүрүү; **он сойдёт за старика́** ал абышканын ордуна жүрөт; ◇ **сойдёт и так** *разг.* ушу деле болот, ушу деле жарайт, жарай берет; **всё сошло́ хорошо́** бардыгы ордунан чыкты, бардыгы ойдогудай болуп чыкты; **сойти́ в моги́лу** көргө кирүү (*өлүү*); **сойти́ на нет** *разг.* жокко чыгуу, жокко эсе болуу; **сойти́ со сце́ны** сандан чыгып калуу, жокко чыгып калуу; **сойти́ с ума́** жинди болуу; **не сходя́ с ме́ста** ордунан жылбай туруп.

**СОЙТИ'СЬ** *сов.* 1. (*встретиться*) учурашуу, кошулушуу; 2. (*собраться*) чогулуу, чогулушуу; **уча́стники спорти́вного состяза́ния сошли́сь на стадио́не** спорттук мелдештин катышуучулары стадионго чогулду; 3. (*вступить в поединок, столкнуться в состязании*) маңдайлашуу, беттешүү (*мис эки жоо, эки балбан*); 4. *перен.* (*подружиться*) жакындашуу, достошуу; 5. *перен.* (*вступить в сожительство*) кошулуу, кошулушуу (*эркек-аял*); 6. *перен.* (*совпасть, согласиться в чём-л.*) келүү, келишүү, туура келүү, туура чыгуу, **на́ши мне́ния сошли́сь** биздин пикирлерибиз туура бир жерден чыкты; 7. кошулуу, макулдашуу, макул болушуу; **сойти́сь хара́ктерами** мүнөз жагынан бири-бирине келишүү; 8. (*быть впору*) жетүү, жетишүү; **по́яс не сошёлся в та́лии** кур белге жетпей калды.

**СОК** *м.* сок, шире, суу, маңыз; **я́годный сок** жемиш ширеси (согу); **желу́дочный сок** *физиол.* ашказан согу; ◇ **быть в по́лном соку́** чатырап туруу, толуп туруу; **вы́жать все со́ки** бардык күчүн соруп алуу, канын соруу; **вари́ться в со́бственном соку́** өзү менен өзү боло берүү (*тар таламдардын чегинен четке чыкпоо*).

**СО'КОЛ** *м.* ылаачын, шумкар; **сла́вные со́колы на́шей ро́дины** *перен.* биздин родинабыздын даңктуу шумкарлары (*учкучтар жөнүндө*); ◇ **со́кол я́сный** *поэт.* туйгунум (*эркелетип, мактап*); **гол как соко́л** *погов.* итке минген томаяк; үрөөргө ити да жок кедей.

**СОКО'ЛИК** *м. уменьш.-ласк.* (*в обращении*) ылаачын, шумкар.

**СОКОЛИ'НЫЙ,** -ая, -ое **сокол**-*го п.*; **соколи́ная охо́та** куш салуу; **соколи́ный лёт** ылаачындай учуш; **соколи́ный взгляд** *перен.* шумкардай кароо.

**СОКО'ЛЬНИЧИЙ** *м. ист.* куш менен аң уулоочулардын башчысы (*Байыркы Руста — падыша куш салганда ошону башкаруучу боярин*).

**СОКРАТИ'МЫЙ,** -ая, -ое 1. кыскаруучу; **сократи́мая дробь** *мат.* кыскаруучу бөлчөк; 2. *физиол.* жыйрылма.

**СОКРАТИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*сделать короче*) кыскартуу; **сократи́ть статью́** макаланы кыскартуу; 2. *что* (*уменьшить срок*) кыскартуу, азайтуу, кемитүү; **сократи́ть вре́мя выполне́ния рабо́ты** иштин аткарылуу мөөнөтүн азайтуу; 3. *что* (*уменьшить в количестве, объёме*) азайтуу; **сократи́ть расхо́ды** расходдорду азайтуу; 4. *кого* (*уволить с работы по сокращению штатов*) кызматтан бошотуу (*штат кыскаргандыктан*); 5. *что, мат.* кыскартуу; **сократи́ть дробь** бөлчөктү кыскартуу.

**СОКРАТИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*стать короче*) кыскаруу, азаюу, кемүү; **расстоя́ние сократи́лось** аралык азайды; 2. (*стать короче по времени*) кыскаруу; **к о́сени дни сократи́лись** күзгө жуук күн кыскарды; 3. (*уменьшиться в количестве, объёме*) азаюу; **расхо́ды сократи́лись** расходдор азайды; 4. *мат.* кыскаруу; 5. *физиол.* (*о мышцах*) жыйрылуу.

**СОКРАЩА'ТЬ** *несов. см.* **сократи́ть.**

**СОКРАЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сократи́ться;** 2. кыскартылуу; **э́та дробь не сокраща́ется** бул бөлчөк кыскартылбайт; 3. *страд. к* **сокраща́ть.**

**СОКРАЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*укорочение*) кыскартуу; 2. (*уменьшение*) кыскартуу, азайтуу, кемитүү; **сокраще́ние шта́тов** штат кыскартуу; **сокраще́ние рабо́чего дня** жумуш күнүн кыскартуу; 3. *мат.* кыскартуу; **сокраще́ние дро́би** бөлчөктү кыскартуу; 4. (*сокращённое обозначение*) кыскартылуу; **спи́сок усло́вных сокраще́ний** шарттуу кыскартуулардын тизмеси, 5. (*пропуск в тексте*) кыскартылуу; **пье́са идёт с не́которыми сокраще́ниями** пьеса кээ бир кыскартуулар менен коюлуп жатат; 6. *физиол.* жыйрылуу; **сокраще́ние мышц** булчуңдардын жыйрылышы.

**СОКРАЩЁННО** *нареч.* (*в уменьшённом виде*) кыскартып, кыскартылып, кыскартылган түрдө; **сокращённо изложи́ть содержа́ние кни́ги** китептин мазмунун кыскартып жазып (айтып) берүү.

**СОКРАЩЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **сократи́ть;** 2. *прил.* кыскарган, кыскартылган; **в сокращённом ви́де** кыскартылган түрдө.

**СОКРОВЕ'ННОСТЬ** *ж.* көңүлдө терең сакталгандык, көңүлдө ыйык сакталгандык, жүрөктө болгондук, жүрөктө сакталгандык; **сокрове́нность мы́слей** сырдын көңүлдө ыйык сакталгандыгы.

**СОКРОВЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое көңүлдө терең сактала турган, көңүлдө ыйык сактала турган, жүрөктөгү, жүрөктө болгон, жүрөктө сакталган; **сокрове́нные мы́сли** көңүлдө ыйык сактала турган сырлар (ойлор).

**СОКРО'ВИЩЕ** *ср.* 1. *чаще мн.* (*драгоценность*) кымбат баалуу буюмдар, асыл буюмдар; **храни́ть сокро́вища** асыл буюмдарды сактоо; 2. *перен.* кенч; **сокро́вище кирги́зского фолькло́ра** кыргыз фольклорунун кенчи; ◇ **ни за каки́е сокро́вища** *разг.* майласаң да; башыман ылдый алтын куйсаң да.

**СОКРО'ВИЩНИЦА** *ж.* 1. (*место хранения сокровищ*) казына, кенч сакталгыч; 2. *перен.* кенч, казына.

**СОКРУША'ТЬ** *несов. см.* **сокруши́ть.**

**СОКРУША'ТЬСЯ** *несов.* 1. *о ком-чём* (*печалиться, тосковать*) капалануу, кайгыруу; 2. *страд. к* **сокруша́ть.**

**СОКРУШЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*уничтожение*) кыйратуу, талкалоо; 2. (*печаль*) капалык, кайгы, күйүт; **с больши́м сокруше́нием он вспо́мнил об э́том** ал муну абдан капаланып эсине түшүрдү.

**СОКРУШИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кыйратуучу, таш-талканын чыгаруучу; **сокруши́тельный отпо́р** кыйраткыч каршылык көрсөтүү; **сокруши́тельный уда́р** кыйраткыч сокку.

**СОКРУШИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*уничтожить*) кыйратуу, талкалоо; 2. (*опечалить*) кайгыртуу, капалантуу.

**СОКРЫ'ТИЕ** *ср. офиц.* жашыруу; **сокры́тие следо́в преступле́ния** кылмыштын изин жашыруу.

**СОЛГА'ТЬ** *сов.* калп айтуу, жалган айтуу.

**СОЛДА'Т** *м.* солдат.

**СОЛДА'ТКА** *ж. уст.* солдаттын аялы.

**СОЛДА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **солдат**-*ка п.*; **солда́тская шине́ль** солдат шинели; **солда́тская жизнь** солдаттар турмушу.

**СОЛДА'ТЧИНА** *ж. ист.* 1. (*рекрутский набор*) солдатка алуу; 2. (*солдатская служба*) солдаттык кызмат.

**СОЛЕВА'Р** *м.* туз кайнатуучу.

**СОЛЕВАРЕ'НИЕ** *ср.* туз кайнатуу.

**СОЛЕВА'РЕННЫЙ,** -ая, -ое туз кайнатуучу; **солева́ренный заво́д** туз кайнатуучу завод.

www.bizdin.kg

**СОЛЕВА'РНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **солевáренный.**

**СОЛЕВА'РНЯ** *ж.* шор суудан туз чыгара турган (ала турган) орун.

**СОЛЕКО'П** *м.* туз казуучу.

**СОЛЕ'НИЕ** *ср.* туздоо; **солéние мя́са** этти туздоо.

**СОЛЕНО'ИД** *м. физ., хим.* соленоид (*ток жибергенде айланасында магнит талаасы пайда болуучу сым спиралы*).

**СОЛЁНОСТЬ** *ж.* туздуулук, шордуулук; **солёность морско́й воды́** дениз суусунун шордуулугу.

**СОЛЁНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*содержащий соль*) туздуу, тузу бар, шордуу; **солёная вода́** туздуу суу; **солёные озёра** шордуу көлдөр; **сли́шком солёный суп** өтө тузу ачуу сорпо; 2. (*приготовленный с солью*) туздалган; **солёные огурцы́** туздалган бадыраң; ◇ **солёное словцо́** катуу сөз, жанга тие турган сөз.

**СОЛЕ'НЬЕ** *ср. чаще мн.* (*продукты*) туздалган азыктар.

**СОЛЕПРОМЫ'ШЛЕННОСТЬ** *ж.* туз өндүрүүчү өнөр жай.

**СОЛЕСО'С** *м.* солесос (*туз чыгара турган агрегат*).

**СОЛИДАРИЗА'ЦИЯ** *ж.* тилектеш болуу, пикирин же аракетин жактоо, пикирине кошулуу, бири-бирин колдоо.

**СОЛИДАРИЗИ'РОВАТЬСЯ** *сов. и несов. с кем-чем* тилектеш болуу, пикирине кошулуу, пикирин же аракетин жактоо, бири-бирин колдоо.

**СОЛИДА'РНОСТЬ** *ж.* 1. тилектештик, пикирдештик, бири-бирин жактоочулук; **междунаро́дная солида́рность трудя́щихся** эмгекчилердин эл аралык тилектештиги; **из солида́рности** тилектештиктен; 2. *юр.* бирге жооп берүүчүлүк, бирдей жоопкердик; **солида́рность обяза́тельств** милдеттенмелердин бирдей жоопкердүүлүгү.

**СОЛИДА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. тилектеш, пикирдеш; **я с ва́ми солида́рен** мен сиз менен тилектешмин; 2. *юр.* бирдей, бирдей жооп берүүчү, бирге жооп берүүчү; **солида́рная отве́тственность** жоопкерчиликтин бирдейлиги.

**СОЛИ'ДНО** *нареч.* 1. (*прочно*) мыкты, көрүнүктүү; **соли́дно постро́енный дом** мыкты курулган үй; 2. (*серьёзно, степенно*) олуттуу, салмактуу; **вести́ себя́ соли́дно** өзүн салмактуу алып жүрүү; 3. *разг.* (*значительно, много*) бир далай, арбын.

**СОЛИ'ДНОСТЬ** *ж.* 1. (*прочность*) мыктуулук, көрүнүктүүлүк; 2. (*серьёзность, степенность*) олуттуулук, салмактуулук.

**СОЛИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*прочный, основательный*) мыкты, көрүнүктүү; **соли́дное сооруже́ние** көрүнүктүү курулуш; **соли́дные позна́ния** мыкты билим; 2. (*представительный*) көрүнүктүү, келбеттүү; **соли́дный вид** келбеттүү көрүнүш; 3. (*серьёзный, уважаемый*) көрүнүктүү, абийир сактоочу; **соли́дный челове́к** көрүнүктүү киши; 4. *разг.* (*пожилой*) улгайган; 5. *разг.* (*значительный*) бир далай, арбын; **соли́дная су́мма де́нег** арбын акча.

**СОЛИ'ЛЬЩИК** *м.* туздоочу, туздагыч; **соли́льщик ры́бы** балык туздоочу.

**СОЛИПСИ'ЗМ** *м. филос.* солипсизм (*өз керт башын гана реалдуу деп, сырткы дүйнөнүн жашоосун таптакыр танган ашкан субъективдүү идеализм*).

**СОЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* солону аткаруу.

**СОЛИ'СТ** *м.* солист (*жалгыз өзү аткаруучу артист*).

**СОЛИ'СТКА** *женск. р. к* **соли́ст;** солистка.

**СОЛИТЕ'Р** *м. мин.* солитер (*ири, чоң бриллиант*).

**СОЛИТЁР** *м. зоол.* солитер (*адамдын жана жаныбарлардын ички органдарындагы жалпак узун паразит-курт*).

**СОЛИ'ТЬ** *несов. что* 1. (*класть соль*) туздоо, туз салуу, туз татытуу; **соли́ть суп** сорпого туз татытуу; 2. (*готовить впрок*) туздоо; **соли́ть огурцы́** бадыраң туздоо.

**СОЛИ'ТЬСЯ** *несов.* туздалуу, туз татытылуу.

**СО'ЛКА** *ж.* туздоо; **со́лка помидо́ров** помидор туздоо.

**СО'ЛНЕЧНО** *нареч. и в знач. сказ.* ачык; **сего́дня со́лнечно** бүгүн күн ачык.

**СО'ЛНЕЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. **солнце**-*ге т.*; **со́лнечная систе́ма** күн системасы; **со́лнечное затме́ние** күндүн тутулушу; **со́лнечная ва́нна** күн ваннасы; 2. (*наполненный светом солнца*) ачык; **со́лнечный день** ачык күн; **со́лнечная сторона́** күн жагы, күнөс жак, күңгөй; 3. *перен.* (*ликующий*) шат, жаркыраган; **со́лнечное настрое́ние** шат көңүл, ◇ **со́лнечный уда́р** *мед.* ысык уруу (*күндүн ысыгы өтүп, эси оо кал уу*).

**СО'ЛНЦЕ** *ср.* күн; **со́лнце взошло́** күн чыкты; **со́лнце сади́тся** күн батып баратат; **со́лнце зашло́** күн батты; ◇ **го́рное со́лнце** *мед.* дарылоо үчүн колдонулуучу кварц лампасы; **до со́лнца** күн чыга электе.

**СОЛНЦЕЗАЩИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое күндөн калкалоочу.

**СОЛНЦЕПЁК** *м.* күнөс, күнөс жер, күн тийген жер.

**СОЛНЦЕСТОЯ'НИЕ** *ср. астр.* күндүн турушу (*күндүн же түндүн эң кыска болгон убагы*); **ле́тнее солнцестоя́ние** күндүн жайкы турушу (*22 июнь*); **зи́мнее солнцестоя́ние** күндүн кышкы турушу (*22 декабрь*).

**СО'ЛО** 1. *ср. нескл.* соло (*бир ун же бир инструмент үчүн жазылга нже бир киши аткарган музыкалык чыгарма же бий*); 2. *нареч.* соло; **выступа́ть со́ло** жалгыз чыгып ырдоо (ойноо).

**СОЛОВЕ'Й** *м.* булбул.

**СОЛОВЕ'ТЬ** *несов. разг.* шалдыроо, ыкшыроо.

**СОЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое (*о масти лошади*) куйрук, жалы агыш кула.

**СОЛОВЬИ'НЫЙ,** -ая, -ое **соловей**-*ге т.*; **соловьи́ное пе́ние** булбулдун сайрашы.

**СО'ЛОД** *м.* угут.

**СОЛОДЕ'ТЬ** *несов. обл.* өнүү, кызуу (*угут*).

**СОЛОДИ'ТЬ** *несов. что* 1. өндүрүү; **солоди́ть ячме́нь** арпа угутун өндүрүү; 2. (*приводить в брожение*) бир аз ачытуу; **солоди́ть те́сто** камырды бир аз ачытуу.

**СОЛО'ДКА** *ж. бот.* кызыл мыя.

**СОЛОДКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **солодка**-*га т.*; **солодко́вый ко́рень** кызыл мыя тамыры.

**СОЛОДО'ВЫЙ,** -ая, -ое **солод**-*го т.*; **солодо́вый са́хар** угут канты.

**СОЛОЖЕ'НИЕ** *ср.* угут өндүрүү.

**СОЛО'МА** *ж.* саман.

**СОЛО'МЕННЫЙ,** -ая, -ое **солома**-*га т.*; **соло́менная подсти́лка** саман төшөк; ◇ **соло́менная вдова́** *см.* **вдова́.**

**СОЛО'МИНА** *ж.* бир тал саман.

**СОЛО'МИНКА** *ж. уменьш. от* **соло́мина** бир тал саман; ◇ **утопа́ющий за соло́минку хвата́ется** *посл.* буюкканга жылдыз — от.

**СОЛО'МКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **соло́ма** саман; 2. соломка (*конфеттин жана печеньенин бир түрү*).

**СОЛОМОКОПНИ'ТЕЛЬ** *м.* саманды үйүүчү машина.

**СОЛОМОРЕ'ЗКА** *ж.* саман туурагыч (*машина*).

**СОЛОМОСОБИРА'ТЕЛЬ** *м.* саман чогултуучу машина.

**СОЛОНЕ'Ц** *м. геол.* шор топурак.

**СОЛОНИ'НА** *ж.* туздалган эт, сүрсүткөн эт.

**СОЛО'НКА** *ж.* туз салгыч (*идиш*).

**СО'ЛОНО** *нареч. и в знач. сказ.* туздуу, тузу ачуу; **сли́шком со́лоно во рту** ооздо туз татыйт; ◇ **не со́лоно хлеба́вши** *погов. разг.* каалаганына жетише албай, марыбай; **ему́ пришло́сь со́лоно** *разг.* ага оордук келди, ага кыйын болду, ал кыйынчылык көрдү.

**СОЛОНОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое тузу ачуураак.

**СОЛОНЧА'К** *м.* шор, шордуу жер, шор жер.

**СОЛОНЧАКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **солончак**-*ка т.*; шордуу; **солончако́вые по́чвы** шор топурактуу жерлер; **солончако́вые расте́ния** шор топурактуу жерде өсүүчү өсүмдүктөр.

**СОЛЬ I** *ж.* туз; **пова́ренная соль** тамакка салынуучу туз; **морска́я соль** дениз тузу; ◇ **англи́йская соль** англий-ский туз (*ич алдыруучу дары*). **вся соль в э́том** маңызы ушунда; **соль земли́** коомдун, элдин мыкты, көрүнүктүү өкүлдөрү.

www.bizdin.kg

**тка́ни водонепроница́емость** кездемени суу өткөрбөй турган кылуу.

**СООБЩИ'ТЬСЯ** *сов. кому-чему* өтүү, көчүү; **его́ весе́лье сообщи́лось окружа́ющим** анын шаттуулугу башкаларды да шаттандырды.

**СОО'БЩНИК** *м.* кошо катышуучу, бирге иштөөчү, шерик.

**СОО'БЩНИЦА** *женск. р. к* **соо́бщник.**

**СОО'БЩНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **сообщник-***ке,* **сообщничество-***го т.*

**СОО'БЩНИЧЕСТВО** *ср.* кошо катышуучулук, бирге иштөөчүлүк, шериктик.

**СООРУДИ'ТЬ** *сов. что* куруу, салуу, жасоо, тургузуу; **сооруди́ть ба́шню** мунар куруу.

**СООРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **сооруди́ть.**

**СООРУЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) куруу, салуу, жасоо, тургузуу; 2. (*здание, постройка*) имарат, курулуш; **монумента́льное сооруже́ние** монументалдуу (заңкайган) имарат.

**СООТВЕ'ТСТВЕННО** 1. *нареч.* (*надлежащим образом*) ылайык, жараша, карата; 2. *предлог с дат. п.* (*в соответствии с чем-л., в зависимости от чего-л.*) ылайык, карап, ылайыгына карап, жараша; **де́йствовать соотве́тственно прика́зу** буйрукка жараша аракет кылуу; **поступи́ть соотве́тственно свои́м убежде́ниям** өз көз карашына ылайык иш кылуу.

**СООТВЕ'ТСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое ылайык, тийиштүү, тийешелүү; **вы́нести соотве́тственное реше́ние** тийиштүү чечим чыгаруу.

**СООТВЕ'ТСТВИЕ** *ср.* ылайык келүү, туура келүү; **в соотве́тствии с после́дними нау́чными откры́тиями** акыркы илимий ачууларга ылайык.

**СООТВЕ'ТСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* ылайык келүү, туура келүү; **соотве́тствовать факти́ческим да́нным** чыныгы маалыматтарга ылайык келүү.

**СООТВЕ'ТСТВУЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **соотве́тствовать;** 2. *прил.* (*подходящий, пригодный*) ылайыктуу, туура келүүчү; **найти́ соотве́тствующее помеще́ние** ылайыктуу үй табуу.

**СООТВЕ'ТЧИК** *м. юр.* бирге (кошо) жоопкер, бирге (кошо) жооп берүүчү киши.

**СООТЕ'ЧЕСТВЕННИК** *м.* мекендеш, ата мекендеш, ата конушташ.

**СООТЕ'ЧЕСТВЕННИЦА** *женск. р. к* **соотечественник.**

**СООТНЕСТИ'** *сов. что* мамилелештирүү, тең салмактуулугун белгилөө.

**СООТНОСИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* мамилелештик, ара мамилелүүлүк, ара байланыштуулук, ара катыштык; **соотноси́тельность двух поня́тий** эки түшүнүктүн мамилелештиги (өз ара катыштыгы).

**СООТНОСИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое мамилелеш, ара мамилелүү, ара байланыштуу, ара катыштуу.

**СООТНОСИ'ТЬ** *несов. см.* **соотнести́.**

**СООТНОСИ'ТЬСЯ** *несов.* мамилелеш болуу, бир нерсе менен салыштырылууга мүмкүн болуу.

**СООТНОШЕ'НИЕ** *ср.* мамилелештик, ара мамиле, ара байланыш, ара катыш; **соотноше́ние спро́са и предложе́ния** суроо менен сунуштун ара катышы; **соотноше́ние сил** күчтөрдүн ара катышы.

**СОПЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) бышылдоо, кышылдоо, бырылдоо; 2. (*звуки*) бышылдак, кышылдак (*үн*).

**СОПЕ'РНИК** *м.* 1. теңтайлашуучу, бак талашуучу, теңдешүүчү, тартышуучу; 2. талашуучу (*кызды, аялды*).

**СОПЕ'РНИЦА** 1. *женск. р. к* **сопе́рник;** 2. *ж.* (*о жёнах одного мужа*) күнү, күнүчү.

**СОПЕ'РНИЧАТЬ** *несов. с кем-чем в чём* 1. (*быть соперником*) теңтайлашуу, бак талашуу, теңдешүү, тартышуу, эрегишүү; 2. күнүлөшүү (*о жёнах одного мужа*); кызды *же* аялды талашуу (*о мужчинах*).

**СОПЕ'РНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **соперник-***ке,* **соперничество-***го т.*

**СОПЕ'РНИЧЕСТВО** *ср.* 1. теңтайлашуучулук, бак талашуучулук, теңдешүүчүлүк, тартышуучулук, эрегишүүчүлүк; 2. күнүлүк, күнүчүлүк, күнүлөштүк (*о жёнах одного мужа*); кызды *же* аялды талашуучулук (*о мужчинах*).

**СОПЕ'ТЬ** *несов.* бышылдоо, кышылдоо, бырылдоо.

**СО'ПКА** *ж.* дөбө, чоку (*гора*); жанар тоо (*вулкан*).

**СОПЛЕМЕ'ННИК** *м. уст.* элдеш, уруулаш.

**СОПЛЕМЕ'ННИЦА** *женск. р. к* **соплеме́нник.**

**СОПЛЕМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое элдеш, уруулаш; **соплеме́нные наро́ды** уруулаш элдер.

**СО'ПЛИ** *мн.* (*ед.* **сопля́** *ж.*) *прост.* чимкирик.

**СОПЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое *прост.* чимкириги агып турган, чимкиригин тарта албаган (*адам*).

**СОПЛО'** *ср. тех.* сопло (*учунан чыгып жаткан агымды иретте турууuчу трубканын учуна бекитилген конус формасындагы чорго*).

**СОПЛЯ'К** *м. прост.* 1. чимкиригин тарта албаган, бок мурун; 2. *перен.* арацжан адам, салпаяк адам.

**СОПОДЧИНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) бири-бирине багынуу, багындыруу; кошо багынуу, тең багынуу; 2. *грам.* бири-бирине багынуу.

**СОПОДЧИНЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **соподчини́ть;** 2. *прил.* бири-бирине багынган; **соподчинённое прида́точное предложе́ние** *грам.* бири-бирине багыныччуу багыныңкы сүйлөм.

**СОПОДЧИНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое бири-бирине багындыруучу; **соподчини́тельная констру́кция предложе́ния** *грам.* бири-бирине багындыруучу сүйлөм конструкциясы.

**СОПОДЧИНИ'ТЬ** *сов. что чему* бири-бирине багындыруу; **соподчини́ть прида́точные предложе́ния гла́вному** *грам.* багыныңкы сүйлөмдөрдү баш сүйлөмгө багынтуу.

**СОПОДЧИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **соподчини́ть.**

**СОПОСТАВИ'МЫЙ,** -ая, -ое салыштырууга мүмкүн болгон, салыштырылуучу, салыштырыла турган; **сопостави́мые це́ны** салыштырылуучу баалар.

**СОПОСТА'ВИТЬ** *сов. кого-что с кем-чем* салыштыруу.

**СОПОСТАВЛЕ'НИЕ** *ср.* салыштыруу; **сопоставле́ние показа́ний свиде́телей** күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн салыштыруу

**СОПОСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **сопоста́вить.**

**СОПРА'НО** *ср.* сопрано (1. *аялдын ичке үнү;* 2. *ичке үндүү обончу аял*).

**СОПРЕДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое чектеш, туташ; **сопреде́льные поня́тия** чектеш түшүнүктөр.

**СОПРЕ'ТЬ** *сов.* кызып чирүү, чирип кетүү, борсуу.

**СОПРИКАСА'ТЬСЯ** *несов. с кем-чем* 1. тийишүү, чектешүү, жалгашуу, жанашуу; **концы́ про́вода соприкаса́ются** сымдын учтары тийишет; **поля́ э́тих колхо́зов соприкаса́ются** бул колхоздордун талаалары бири-бирине чектешет; 2. *перен.* (*находиться во взаимодействии*) бири-бири менен байланышта (мамиледе) болуу; **на́ши интере́сы соприкаса́ются** биздин таламдарыбыз бири-бирине байланышта; 3. *перен.* (*вступать в общение*) байланышта болуу, катышуу, катташуу; **соприкаса́ться с разли́чными людьми́** ар түрдүү адамдар менен байланышта болуу (катташуу).

**СОПРИКОСНОВЕ'НИЕ** *ср.* 1. тийишүү, чектешүү; **соприкоснове́ние ле́са со сте́пью** токойдун талаа менен чектеш болушу; 2. *перен.* (*непосредственное общение*) тикеден-тике катташ; **у нас с ним нет никаки́х то́чек соприкоснове́ния** биздин аны менен эч кандай тикеден-тике катташыбыз жок.

**СОПРИКОСНУ'ТЬСЯ** *сов. см.* **соприкаса́ться.**

**СОПРИЧА'СТНОСТЬ** *ж. уст.* бирге катышкандык, бирге иштөөчүлүк, биргелик; **сопричастность к преступле́нию** кылмышка бирге катышкандык.

**СОПРИЧА'СТНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* бирге катышкан, бирге иштешкен.

www.bizdin.kg

**СОПРОВОДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *офиц.* жөнөтмө, бирге (кошо) жиберилүүчү; **сопроводительное письмо** бирге жиберилүүчү кат, жөнөтмө кат.

**СОПРОВОДИ'ТЬ** *сов. что чем, офиц.* бирге (кошо) жиберүү; **сопроводить заявление справкой** арызды справка менен кошо жиберүү.

**СОПРОВОЖДА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **сопроводить**; 2. *кого-что* (*идти рядом с кем-л.*) алып баруу, бирге баруу, узатып баруу, айдап баруу; **сопровождать больного** ооруну алып баруу; 3. *что, перен.* (*сопутствовать*) бирге жүрүү, ... менен өтүү; **успех сопровождает все концерты хора** хордун бардык концерттери ийгилик менен өтөт.

**СОПРОВОЖДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*происходить одновременно с чем-л.*) бирге болуу, бирге жүрүү; **дождь сопровождался грозой** чагылган ойноп жамгыр жаады; 2. *страд. к* **сопровождать.**

**СОПРОВОЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. бирге (кошо) баруу, келүү, узатуу, узатып баруу; **в сопровождении друзей** досторунун узатуусунда; 2. *муз.* (*аккомпанемент*) кошулуу; **пение в сопровождении гитары** гитарага кошулуп ырдоо.

**СОПРОТИВЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. каршылык, каршылык көрсөтүү, каршылашуу, каршы туруу, туруштук берүү, **движение сопротивления** каршылык көрсөтүү кыймылы; **сломить сопротивление врага** душмандын көрсөткөн каршылыгын жоюу; 2. *тех.* каршылык; **сопротивление материалов** материалдар каршылыгы (*материалдардын өз формаларынын өзгөрүшүнө каршы туруу касиетин жана да деформация кубулуштарын жана курулуштардын расчётунун методдорун изилдөөчү илим*); ◇ **пойти по линии наименьшего сопротивления** оңой-олтоң кутула салуунун жолуна түшүү.

**СОПРОТИВЛЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* каршы тура алуучулук, чыдамдуулук, туруштук берүүгө ийкемдүүлүк; **сопротивляемость организма болезням** организмдин ооруга туруштук берүүгө ийкемдүүлүгү.

**СОПРОТИВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. кому-чему* каршылык көрсөтүү, каршы туруу.

**СОПРЯЖЁННЫЙ,** -ая, -ое *прич. и прил.* байланыштуу, байланыштуу болгон; **сопряжено с трудностями** кыйынчылыктар менен байланыштуу.

**СОПУ'ТСТВОВАТЬ** *несов.* 1. *кому-чему* жолдош болуу, ала жүрүү, ээрчите жүрүү; 2. *чему, перен.* артынан улай (бирге, кошо) болуу; **докладу сопутствовали прения** доклад менен бирге жарыш сөздөр болду.

**СОПУ'ТСТВУЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **сопутствовать;** 2. *прил.* кошо жүрүүчү, ээрчишүүчү; **сопутствующие обстоятельства** кошо жүрүүчү кырдаалдар.

**СОР** *м.* таштанды, акыр-чикир, шыпырынды; **вымести сор** таштандыларды шыпырып таштоо; ◇ **не выносить сор из избы** *разг.* кол сынса, жең ичинде.

**СОРАЗМЕ'РИТЬ** *сов. что с чем* ылайык кылуу, тууралоо, шайкеш кылуу; **соразмерить расходы со средствами** расходдорду каражаттарга ылайык жасоо.

**СОРАЗМЕ'РНО** 1. *нареч.* ылайык, жараша, шайкеш; 2. *предлог с дат. и твор. п.* ылайык, жараша, шайкеш; **расходовать денежные средства соразмерно смете** акча каражаттарын сметага жараша расход кылуу.

**СОРАЗМЕ'РНОСТЬ** *ж.* шайкештик, ченемдик.

**СОРАЗМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое шайкеш, ченем; **треугольники — величины соразмерные** үч бурчтуктар — шайкеш чоңдуктар.

**СОРАЗМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **соразмерить.**

**СОРАЗМЕРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. шайкеш келүү; 2. *страд. к* **соразмерять.**

**СОРА'ТНИК** *м.* соратник.

**СОРА'ТНИЦА** *женск. р. к* **соратник.**

**СОРВАНЕ'Ц** *м. разг.* ашынган тентек, тыюудан чыккан тентек

**СОРВА'ТЬ** *сов. что* 1. жулуу, жулуп кетүү, үзүү; **сорвать цветок** гүлдү үзүп алуу (жулуп кетүү); 2. *перен. разг.* (*испортить, расстроить*) болтурбай салуу; **сорвать дело** ишти болтурбай салуу; 3. *на ком-чём, разг.* (*выместить*) чыгарып алуу; **сорвать** *на ком-л.* **свою неудачу** өз ишинин ордунан чыкпай калганынын ачуусун *бирөөдөн* алуу (*урушуп*); ◇ **сорвать** *с кого-л.* **маску** *см.* **маска.**

**СОРВА'ТЬСЯ** *сов.* 1. бошонуп кетүү, чыгып кетүү; **собака сорвалась с цепи** ит чынжырдан бошонуп кетти; 2. (*стремительно вскочить*) шып этип тура калуу; **он сорвался с места и убежал** ал ордунан шып этип туруп качып кетти; 3. (*упасть*) чыгып кетип түшүү, кулап кетүү, учуп кетүү; **сорваться со скалы** аскадан учуп кетүү; 4. *перен.* (*о неожиданно сказанном*) чыгып кетүү; **с языка сорвалось непродуманное слово** ойлонбогон (оңтойсуз, орунсуз) сөз ооздон чыгып кетти, ойлонбогон (оңтойсуз, орунсуз) сөздү байкабай айтып салды; 5. *перен. разг.* (*закончиться неудачей*) ордунан чыкпай калуу; **замысел сорвался** ойлогон иш ордунан чыкпай калды.

**СОРВИГОЛОВА'** *м. и ж. разг.* ашынган тентек, тыюу бербеген, чийинден чыккан тентек.

**СО'РГО** *ср. нескл. бот.* сорго (*туштук жакта өсүүчү таруура окшош дан өсүмдүгү; туштуктөгү кыргыздар аны «жүгөрү» дейт*).

**СОРЕВНОВА'НИЕ** *ср.* 1. жарыш, мелдеш; **социалистическое соревнование** социалисттик мелдеш; 2. *чаще мн. спорт.* мелдеш, жарыш; **командные соревнования** командалык мелдештер.

**СОРЕВНОВА'ТЬСЯ** *несов. с кем* мелдешүү, жарышуу.

**СОРИ'НКА** *ж.* кымын, кыпын.

**СОРИ'ТЬ** *несов.* 1. (*бросать сор*) булгоо, ыпырсытуу; **не сорите в комнате** бөлмөнү булгабагыла (ыпырсытпагыла); 2. *перен. разг.* (*безрассудно тратить*) ыксыз жок кылуу; **сорить деньгами** акчаны ыгы жок сарп кылуу.

**СО'РНЫЙ,** -ая, -ое сор-*го т.*; **сорный ящик** таштанды ящиги; ◇ **сорная трава** отоо чөп.

**СОРНЯ'К** *м.* отоо чөп; **борьба с сорняками** отоо чөптөр менен күрөшүү.

**СОРО'ДИЧ** *м. уст.* 1. (*родственник*) тууган; 2. (*земляк*) жердеш.

**СО'РОК** *числ.* кырк.

**СОРО'КА** *ж.* сагызган.

**СОРОКА-** *составында «кырк» деген сөз бар татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү;* *мис.* **сорокарублёвый** кырк сомдук.

**СОРОКАГРА'ДУСНЫЙ,** -ая, -ое кырк градус, кырк градустуу; **сорокаградусный мороз** кырк градус аяз; **сорокаградусная водка** кырк градустуу арак.

**СОРОКАЛЕ'ТИЕ** *ср.* 1. (*срок*) кырк жыл, кырк жылдык мөөнөт; 2. (*годовщина*) кырк жылдык.

**СОРОКАЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее 1. (*о сроке*) кырк жылдык; 2. (*о возрасте*) кырк жашар, кырктагы, кырк жаштагы.

**СОРОКОВО'Й,** -а́я, -о́е *числ.* кыркынчы.

**СОРОКОНО'ЖКА** *ж. зоол.* кырк аяк, миң аяк.

**СОРОКОПУ'Т** *м.* (*птица*) борбаш, ала дуңкан (*куштун бир түрү*).

**СОРО'ЧИЙ,** -ья, -ье **сорока**-*га т.*; **сорочьи яйца** сагызган жумурткалары.

**СОРО'ЧКА** *ж.* сорочка, көйнөк; ◇ **родиться в сорочке** *шутл.* бактылуу болуп туулуу, жолу ачык болуу.

**СОРТ** *м.* сорт; **ценные сорта пшеницы** буудайдын баалуу сорттору; **чай первого сорта** биринчи сорт чай.

**СОРТА'МЕНТ** *м. см.* **сортимент.**

**СОРТИМЕ'НТ** *м.* сортимент (*бир өндүрүштө иштелип чыгарылуучу же жумшалуучу буюмдардын ар кандай түрлөрүнүн, сортторунун жыйындысы*).

**СОРТИРОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сорттоочу; **сортировальная машина** сорттоочу машина.

**СОРТИРОВА'НИЕ** *ср.* сорттоо.

www.bizdin.kg

**СОРТИРОВА'ТЬ** *несов. что* сорттоо, сортировкалоо; **сортировать зерно** эгинди сорттоо.

**СОРТИРО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) сорттоо, сортировкалоо; 2. (*машина*) сортировка, сорттоочу машина.

**СОРТИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. сорттоочу; **сортировочная машина** сорттоочу машина; 2. *в знач. сущ. ж. ж.-д.* сортировочная (*вагондорду сортировкалоочу станция*).

**СОРТИРО'ВЩИК** *м.* сорттоочу киши.

**СОРТИРО'ВЩИЦА** *женск. р. к* **сортировщик.**

**СО'РТНОСТЬ** *ж.* сорттуулук; **определение сортности семян** үрөндөрдүн сорттуулугун аныктоо (белгилөө).

**СО'РТНЫЙ,** -ая, -ое сорттуу; **сортный товар** сорттуу товар.

**СОРТОВО'Й,** -ая, -ое жакшы сорттуу, жогорку сорттуу; **сортовые посевы** жакшы сорттуу үрөн себилген айдоолор; **сортовое железо** *тех.* сорттуу темир (*сом темирден прокат жолу менен жасалган түрдүү формадагы темир*).

**СОРТОИСПЫТА'НИЕ** *ср. с.-х.* сортту сыноо.

**СОРТОИСПЫТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **сортоиспытание**-*ге т.*; сортту сыноочу; **сортоиспытательные участки** сортторду сыноо участокторy.

**СОРТООБРАЗОВА'НИЕ** *ср.* жаңы сорт түзүү; **сортообразование культивируемых растений** эгилип жаткан өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун түзүү.

**СОСА'НИЕ** *ср.* эмүү, соруу, шимирүү.

**СОСА'ТЬ** *несов.* 1. *что* эмүү, соруу; **сосать сахар** кант соруу; **младенец сосёт грудь** кичинекей бала эмчек ээмп жатат; 2. *кого-что, перен.* ээип өйкөө; **тоска сосёт сердце** кайгы (сагыныч) жүрөктү ээип өйкөйт; ◇ **у меня под ложечкой сосёт** жүрөгүмдүн башы ачышып ооруп турат.

**СОСВА'ТАТЬ** *сов. кого* кудалашып коюу.

**СОСЕ'Д** *м* коңшу, кошуна, көршү.

**СОСЕ'ДИТЬ** *несов. с кем-чем* коңшулаш болуу, кошуна болуу, кошуналаш болуу, көршү болуу.

**СОСЕ'ДКА** *женск. р. к* **сосед.**

**СОСЕ'ДНИЙ,** -яя, -ее коңшулаш, кошуна, көршү; **соседняя квартира** коңшулаш квартира; **соседние страны** коңшулаш өлкөлөр.

**СОСЕ'ДСКИЙ,** -ая, -ое **сосед**-*ге т.*; коңшулук, кошуналык; **соседские отношения** коңшулук мамилелер, кошуналык мамилелер.

**СОСЕ'ДСТВО** *ср.* коңшулаштык, коңшулук, кошуналык, көршүлүк; **жить по соседству** кошуналаш жашоо.

**СОСИ'СКА** *ж.* сосиска (*майда ичке колбаса*).

**СО'СКА** *ж.* упчу, эмизлик.

**СОСКА'БЛИВАТЬ** *несов. см.* **соскоблить.**

**СОСКА'БЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **соскоблиться;** 2. *страд. к* **соскабливать.**

**СОСКА'КИВАТЬ** *несов. см.* **соскочить.**

**СОСКА'ЛЬЗЫВАНИЕ** *ср.* жылмышуу, жылгаяктап түшүү, тайгаланып кетүү.

**СОСКА'ЛЬЗЫВАТЬ** *несов. см.* **соскользнуть.**

**СОСКОБЛИ'ТЬ** *сов. что* кыруу, кырып жышуу; **соскоблить краску со стены** дубалдын боёгун кыруу.

**СОСКОБЛИ'ТЬСЯ** *сов.* кырылуу, кырылып жышылуу.

**СОСКОЛЬЗНУ'ТЬ** *сов.* жылбышып, жылгаяктап түшүү, жылбышып чыгып кетүү, тайгаланып кетүү, тайып кетүү; **колёса соскользнули с рельсов** дөңгөлөктөр рельсадан тайып чыгып кетти.

**СОСКОЧИ'ТЬ** *сов.* 1. (*спрыгнуть*) ыргып түшүү; **соскочить с трамвая** трамвайдан ыргып түшүү; 2. (*свалиться*) ыргып кетүү, чыгып кетүү; **дверь соскочила с петель** эшик бүкмөсүнөн чыгып кетти; 3. *перен. разг.* кол менен алып таштагандай ачылуу, кетүү; **сонливость сразу соскочила с него** уйкусу кол менен алып таштагандай тез эле ачылып кетти.

**СОСКРЕБА'ТЬ** *несов. см.* **соскрести.**

**СОСКРЕСТИ'** *сов. что* кыруу, кырып тазалоо.

**СОСКУ'ЧИТЬСЯ** *сов. по ком-чём, по кому-чему* сагынуу, эригүү, зеригүү, ичи бышуу; **соскучиться в одиночестве** жалгыздыктан зеригүү; **соскучиться по родным** туугандарын сагынуу; **соскучиться по музыке** музыканы сагынуу.

**СОСЛАГА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **сослагательное наклонение** *грам.* этиштин шарттуу ыңгайы.

**СОСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* айдап жиберүү.

**СОСЛА'ТЬСЯ** *сов. на кого-что* 1. шылтей салуу, сала-сал кылуу, шылтоо, шылтай салуу; **сослаться на товарища** жолдошуна шылтай салуу; 2. таянуу, далил кылып алуу; **сослаться на чьи-л. слова** *бирөөнүн* сөзүнө шилтөө.

**СО'СЛЕПА** *нареч.* карайлап, көрбөй; **сослепа наткнулись на стену** көрбөй, карайлап дубалга урунушту.

**СО'СЛЕПУ** *нареч. см.* **сослепа.**

**СОСЛО'ВИЕ** *ср. уст.* сословие (*укуктары закон менен бекитилген коомдук туркум*); **дворянское сословие** дворяндык сословие; **купеческое сословие** соодагер сословиеси; **мещанское сословие** мещандык сословие; **крестьянское сословие** дыйкан сословиеси; **духовное сословие** диний кызмат аткаруучу адамдардын сословиеси; **третье сословие** *ист.* үчүнчү сословие (*Францияда 1789 жылкы революцияга чейин дворяндардан жана дин кызматчыларынан өздөрүнүн эч кандай привилегияга ээ болбогондугу менен айырмаланган шаар жана айыл калктары*).

**СОСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое **сословие**-*ге т.*; сословиелик; **сословная монархия** *ист.* сословиелик монархия; **сословное неравенство** сословиелик теңсиздик.

**СОСЛУЖИ'ВЕЦ** *м.* кызматташ, бирге иштешкен.

**СОСЛУЖИ'ВИЦА** *женск. р. к* **сослуживец.**

**СОСЛУЖИ'ТЬ** *сов.*: **сослужить службу** кызмат көрсөтүү, ажаттан чыгаруу.

**СОСНА'** *ж.* кызыл карагай.

**СОСНО'ВЫЙ,** -ая, -ое **сосна**-*га т.*; **сосновые шишки** кызыл карагай тобурчактары; **сосновый лес** кызыл карагай токою; **сосновый стол** кызыл карагайдан жасалган стол.

**СОСНУ'ТЬ** *сов. разг.* чырм этүү, тук этүү, кичине уктап алуу.

**СОСНЯ'К** *м.* кызыл карагайлуу жаш токой.

**СОСО'К** *м.* (*мн.* **сосцы**) эмчектин учу.

**СОСО'ЧЕК** *м.* 1. *уменьш. от* **сосок** эмчектин учу; 2. *чаще мн., анат.* бүдүр (*териде, тилде, былжырлуу обочкаларда ж. б. болуучу сезгич бүдүр*).

**СОСРЕДОТО'ЧЕНИЕ** *ср.* чогултуу, топтоо.

**СОСРЕДОТО'ЧЕННО** *нареч.* ыкылас койгон бойдон, ыкылас коюп, ойду бир жерге топтоп; **он посмотрел на него сосредоточенно и внимательно** ал ага ыкыласын жана көңүлүн коюп карады.

**СОСРЕДОТО'ЧЕННОСТЬ** *ж.* 1. чогулгандык, топтолгондук; 2. ыкылас койгондук, ойду бир жерге койгондук.

**СОСРЕДОТО'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **сосредоточить;** 2. *прил.* ыкылас койгон; **сосредоточенный взгляд** ыкылас койгон көз караш.

**СОСРЕДОТО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **сосредоточить.**

**СОСРЕДОТО'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сосредоточиться;** 2. *страд. к* **сосредоточивать.**

**СОСРЕДОТО'ЧИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* чогултуу, топтоо; **сосредоточить войска на берегу реки** войсколорду өзөндүн жээгине топтоо; 2. *что, перен.* салуу, топтоо, бет алдыруу, ыкылас коюу; **сосредоточить усилия** аракетти бир нерсеге топтоо; **сосредоточить внимание** *на чём-л.* көңүлдү *бир нерсеге* бүт коюу.

**СОСРЕДОТО'ЧИТЬСЯ** *сов.* 1. чогулуу, топтолуу; 2. *на ком-чём, перен.* көңүлдү бүт коюу, топтоо, ыкылас коюу; **шум мешал мне сосредоточиться** ызы-чуу көңүлүмдү бир жерге топтоого тоскоолдук кылды.

**СОСТА'В** *м.* 1. (*совокупность частей*) состав; **классовый состав общества** коомдун таптык составы; **состав комис-**

www.bizdin.kg

**СО'ТЕННАЯ** *ж. прост.* жүз сомдук (*акча*).
**СО'ТКА** *ж. с.-х. разг.* сотук (*бир гектар жердин жүздөн бир бөлүгү*).
**СОТКА'ТЬ** *сов. что* токуу, согуу (*мис. кездемени*).
**СО'ТНИК** *м. ист.* 1. (*командир сотни*) жүз башы (*аскерде*); 2. (*казачий офицерский чин*) сотник (*казак орустарда—офицердик чин*).
**СО'ТНЯ** *ж.* 1. (*сто штук*) жүз; **со́тня яи́ц** жүз жумуртка; 2. (*сто рублей*) жүз сом, жүз сомдук; 3. *чаще мн.* (*множество*) жүздөгөн; **со́тни ове́ц** жүздөгөн кой; 4. *уст.* (*войсковое подразделение*) жүздүк (*аскердик бөлүк*).
**СОТОВА'РИЩ** *м.* жолдош, үзөңгү жолдош, шерик.
**СО'ТОВЫЙ**, -ая, -ое **соты**-*га т.*; **со́товый мёд** аарынын уясынан ажыратылбаган бал, тартыла элек бал.
**СОТРАПЕ'ЗНИК** *м. уст.* табакташ, аякташ (*бирге отуруп тамак жеген*).
**СОТРУ'ДНИК** *м.* эмгектеш, кызматчы; **сотру́дник институ́та** институттун кызматчысы; **сотру́дники газе́ты** газетанын кызматчылары.
**СОТРУ'ДНИЦА** *женск. р. к* **сотру́дник**.
**СОТРУ'ДНИЧАТЬ** *несов.* 1. эмгектеш болуу, бирге иштөө, биргелешип иштөө; **я сотру́дничал с ни́ми мно́го лет** мен алар менен көп жыл эмгектеш болдум; 2. иштөө, кызмат кылуу, катышуу; **сотру́дничать в газе́те** газетага катышуу (*мис макала жазып*); газетада кызмат кылуу.
**СОТРУ'ДНИЧЕСТВО** *ср.* эмгектештик, бирге иштөөчүлүк, кызматташ болуу; **сотру́дничество бра́тских респу́блик** бир тууган республикалардын эмгектештиги.
**СОТРЯСА'ТЬ** *несов. см.* **сотрясти́**.
**СОТРЯСА'ТЬСЯ** *несов.* 1. титирөө, дирилдөө, козголуу, калтыроо, силкилдөө, солкулдоо, чайкалуу, жаңыруу; **во́здух сотряса́лся от восто́рженных кри́ков** кубанычтуу кыйкырыктардан аба жаңырды; 2. *страд. к* **сотряса́ть**.
**СОТРЯСЕ'НИЕ** *ср.* титирөө, дирилдөө, калтыроо, силкилдөө, солкулдоо, чайкалуу, жаңыруу; **сотрясе́ние мо́зга** *мед.* мээ козголуу, мээ чайкалуу.
**СОТРЯСТИ'** *сов. что* титиретүү, дирилдетүү, солкулдатуу, чайкоо; **си́льный взрыв сотря́с во́здух** күчтүү жарылуу абаны солкулдатты.
**СОТРЯСТИ'СЬ** *сов. уст. см.* **сотряса́ться** 1.
**СО'ТЫ** *только мн.* аары уясы (*аарынын мом уясы*).
**СО'ТЫЙ**, -ая, -ое *числ.* жүзүнчү; **со́тая страни́ца** жүзүнчү бет; **одна́ со́тая** жүздөн бир бөлүгү.
**СОУМЫ'ШЛЕННИК** *м.* кылмышташ, биргелешип кылмыш кылуучу, ниеттеш.
**СО'УС** *м.* соус (*тамакка, ашка куюлуучу суюк татымал*).
**СО'УСНИК** *м.* соус куюучу идиш.
**СОУЧА'СТВОВАТЬ** *несов.* кошо иштешүү, биргелешип иштөө (*көбүнчө жамандык иш жөнүндө*).
**СОУЧА'СТИЕ** *ср. юр.* бирге иштешүү, биргелешип иштегендик (*көбүнчө — кылмыштуу иште*).
**СОУЧА'СТНИК** *м.* кошо иштөөчү, биргелешип иштөөчү, шерик (*көбүнчө — кылмыштуу иште*).
**СОУЧА'СТНИЦА** *женск. р. к* **соуча́стник**.
**СОУЧЕНИ'К** *м.* сабакташ, мектептеш, бирге окуган.
**СОУЧЕНИ'ЦА** *женск. р. к* **соучени́к**.
**СОФА'** *ж.* софа (*жумшак кең диван*).
**СОФИ'ЗМ** *м.* софизм (*сырткы түрү ишенердик кылып түзүлгөн тескери ой, тескери корутунду*).
**СОФИ'СТ** *м.* софист (1. *софизмди жактоочу киши*; 2. *ист. Байыркы Грецияда — философияны жана ораторлук искусствосун үйрөтүүчү мугалим*).
**СОФИ'СТИКА** *ж.* софистика (1. *софизмди, жалган далилдерди колдонуу*; 2. *ист. софисттердин окуусу*).
**СОФИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое софистикалык; **софисти́ческое рассужде́ние** софистикалык ой жүгүртүү.
**СОХА'** *ж. уст.* буурсун.
**СОХА'ТЫЙ** *м. обл.* (*лось*) багыш (*бугунун бир түрү*).
**СО'ХНУТЬ** *несов.* 1. (*становиться сухим*) кургоо, кургап жатуу, кагыроо; **бельё со́хнет** кир кургап жатат; **гу́бы со́хнут от жары́** ысыктан эрин кургайт; 2. (*вянуть*) солуу; **трава́ со́хнет** чөп солуйт; 3. *перен. разг.* (*чахнуть*) арыктоо, жабыгуу, катып кетүү.
**СОХРАНЕ'НИЕ** *ср.* сактоо, сактап калуу, сакталуу; **сохране́ние ми́ра** тынчтыкты сактоо; **зако́н сохране́ния эне́ргии** *физ.* кубат сакталуу закону; **о́тпуск с сохране́нием содержа́ния** кызмат акысы сакталган отпуск.
**СОХРАНИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*уберечь*) сактоо, сактап калуу; **сохрани́ть иму́щество** мүлктү сактоо; 2. *что* (*оставить в силе*) сактоо, сактап калуу; **сохрани́ть за собо́й пра́во** өзүнүн укугун сактап калуу; 3. *что, перен.* (*не нарушить*) сактоо, кармоо; **сохрани́ть споко́йствие** тынчтык сактоо (*өзүн өзү тута билүү ж. б.*).
**СОХРАНИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*сберечься*) сакталуу, сакталып калуу; **дом хорошо́ сохрани́лся** үй жакшы сакталган; 2. (*не утратиться*) сакталуу, унутулбоо; **па́мять о Ле́нине сохрани́тся в века́х** Ленин жөнүндөгү эстелик кылымдарга сакталат; 3. (*не потерять моложавости*) сакталуу, жаштай көрүнүү, тың болуу; **несмотря́ на свои́ шестьдеся́т лет, он хорошо́ сохрани́лся** алтымыш жашка чыккандыгына карабастан, ал жаш көрүнөт.
**СОХРА'ННОСТЬ** *ж.* 1. (*сохранение в полной целости*) сакталыш, сакталгандык, аман-эсендик, бузулбагандык; **сохра́нность вкла́дов в сберка́ссе** сактык кассага салынган акчанын толук сакталышы; **взять** *что-л.* **на сохра́нность** *бир нерсени* сактоого алуу; 2. (*отсутствие повреждений*) бузулбай сакталуу, жакшы сакталгандык; **сохра́нность проду́ктов** азык-түлүктөрдүн бузулбай сакталышы (сакталгандыгы).
**СОХРА'ННЫЙ**, -ая, -ое 1. *уст.* (*потайной*) ишенимдүү, бекем (*эч ким ала албай турган жай*); **спря́тать в сохра́нном ме́сте** бекем жерге катуу; 2. *офиц.* (*удостоверяющий сохранность*) сактоо; **сохра́нная распи́ска** сактоо распискасы.
**СОХРАНЯ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **сохрани́ть**; 2. (*хранить в каком-л. месте*) сактоо, асыроо; **сохраня́ть ма́сло в холо́дном ме́сте** ак майды муздак жерде сактоо.
**СОХРАНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сохрани́ться**; 2. *страд. к* **сохраня́ть**.
**СОЦ**= *татаал сөздөрдүн «социалисттик» жана «социалдык» деген маанини билдирүүчү башкы бөлүгү; мис.*: **соцобяза́тельство** социалисттик милдеттенме; **соцсоревнова́ние** социалисттик мелдеш.
**СОЦВЕ'ТИЕ** *ср. бот.* топ гүл; **просты́е соцве́тия** жөнөкөй топ гүл; **сло́жные соцве́тия** татаал топ гүл.
**СОЦДО'ГОВОР** *м.* (догово́р о социалисти́ческом соревнова́нии) соцдоговор (социалисттик мелдеш жөнүндөгү договор).
**СОЦИА'Л-ДЕМОКРА'Т** *м. полит.* социал-демократ (*социал-демократияны жактоочу, социал-демократиялык партиянын мүчөсү*).
**СОЦИА'Л-ДЕМОКРАТИ'ЗМ** *м. полит.* социал-демократизм (*социал-демократиянын идеологиясы жана тактикасы*).
**СОЦИА'Л-ДЕМОКРАТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **социал-демократия**-*га т.*; социал-демократиялык.
**СОЦИА'Л-ДЕМОКРА'ТИЯ** *ж. полит.* социал-демократия (*эл аралык жумушчу кыймылындагы саясий агым; бул агым, буржуазиялык агымга айланып, пролетариаттын революциялык кыймылына каршы капитализм жүргүзүп жаткан күрөштө ага тирек болуп калды*).
**СОЦИАЛИЗА'ЦИЯ** *ж. полит.* социализация, социализациялоо.
**СОЦИАЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, полит.* социализациялоо, социалисттик мүлккө айландыруу, социализация кылуу; **социализи́ровать промы́шленность** өнөр жайды социализациялоо.

www.bizdin.kg

**СОЦИАЛИЗИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* социализациялануу, социалисттик мүлккө айлануу, социалисттик болуу; 2. *несов. страд. к* **социализи́ровать.**

**СОЦИАЛИ'ЗМ** *м.* социализм; **нау́чный социали́зм** илимий социализм; **построе́ние социали́зма** социализмди куруу.

**СОЦИАЛИ'СТ** *м.* социалист.

**СОЦИАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое социалисттик; **Сою́з Сове́тских Социалисти́ческих Респу́блик** Советтик Социалисттик Республикалар Союзу; **социалисти́ческое госуда́рство** социалисттик мамлекет; **социалисти́ческая револю́ция** социалисттик революция; **социалисти́ческое соревнова́ние** социалисттик мелдеш; **социалисти́ческая систе́ма хозя́йства** чарбанын социалисттик системасы; **социалисти́ческая со́бственность** социалисттик менчик; **социалисти́ческое строи́тельство** социалисттик курулуш; **социалисти́ческий реали́зм** социалисттик реализм.

**СОЦИАЛИ'СТ-РЕВОЛЮЦИОНЕ'Р** *м.* социалист-революционер (*народниктердин группаларынын калдыктарынан түзүлүп, марксизмге тикеден-тике каршы чыккан кулактык-контрреволюциялык партиянын мүчөсү*).

**СОЦИА'ЛЬНО** *нареч.* социалдык жактан (*коомдук жактан, коомдук көз караш менен алганда*); **социа́льно чу́ждый элеме́нт** социалдык жактан жат элемент

**СОЦИА'ЛЬНО-** *татаал сөздүн «социалдык» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.*: **социа́льно-экономи́ческий** социалдык-экономикалык.

**СОЦИА'ЛЬНО-БЫТОВО'Й,** -ая, -ое социалдык-турмуштук; **социа́льно-бытовы́е усло́вия** социалдык-турмуштук шарттар.

**СОЦИА'ЛЬНО ОПА'СНЫЙ,** -ая, -ое коомго коонтуу, социалдык жактан коонтуу; **социа́льно опа́сный престу́пник** коомго коонтуу кылмышкер.

**СОЦИА'ЛЬНО-ПОЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое социалдык-саясий.

**СОЦИА'ЛЬНО-ЭКОНОМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое социалдык-экономикалык; **социа́льно-экономи́ческие нау́ки** социалдык-экономикалык илимдер.

**СОЦИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое социалдык (*коомдук*); **социа́льная среда́** социалдык чөйрө; **социа́льное происхожде́ние** ата тек; **социа́льное положе́ние** социалдык абал; **социа́льное страхова́ние** социалдык камсыздандыруу; **социа́льное обеспе́чение** социалдык камсыздоо.

**СОЦИО'ЛОГ** *м.* социолог (*социология боюнча окумуштуу, специалист*).

**СОЦИОЛО'ГИЯ** *ж.* социология (*коом жана анын өнүгүшү жөнүндөгү илим*).

**СОЦСОРЕВНОВА'НИЕ** *ср.* (социалисти́ческое соревнова́ние) социалисттик мелдеш.

**СОЦСТРА'Х** *м.* (социа́льное страхова́ние) соцстрах (социалдык камсыздандыруу).

**СОЧЕ'ЛЬНИК** *м. церк.* сочельник (*православие дининдегилерде — рождество, крещение майрамынын арапасы*).

**СОЧЕТА'НИЕ** *ср.* 1. айкалыштыруу, бирге кошуу; **сочета́ние тео́рии с пра́ктикой** теорияны практика менен айкалыштыруу; 2. айкалышуу, бир келип калуу, кошулуу; **краси́вое сочета́ние кра́сок** боёктордун сонун айкалышы; **сочета́ние слов** сөздөрдүн айкалышы, сөздөрдүн кошулушу; **стра́нное сочета́ние обстоя́тельств** кырдаалдардын таң калаарлык айкалышы (бир келип калышы); **в сочета́нии** *с чем-л. бир нерсе менен* айкалышып; 3. **сочета́ния** *мн. мат.* келиштирүүлөр.

**СОЧЕТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **сочета́тельный рефле́кс** *физ.* айкалышкан рефлекс, татаал рефлекс.

**СОЧЕТА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что с кем-чем* айкалыштыруу, бирге кошуу; болуу; **сочета́ть тео́рию с пра́ктикой** теорияны практика менен айкалыштыруу; **сочета́ть в себе́ разли́чные спосо́бности** өзүндө ар түрдүү жөндөмдүүлүгү болуу.

**СОЧЕТА'ТЬСЯ** *сов. и несов.* 1. (*совмещаться*) айкалышуу, бирге кошулуу; **ум в нём сочета́лся с хра́бростью** анда акыл эрдик менен айкалышкан; 2. (*гармонировать*) келишүү, туура келүү; **у него́ слова́ не сочета́ются с де́лом** анын сөзү иши менен туура келбейт; ◇ **сочета́ться бра́ком** *уст.* никелешүү.

**СОЧИНИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. *уст.* (*литератор*) жазуучу; 2. *разг. презр.* (*враль*) калпычы, жалганчы; **сочини́тель небыли́ц** жок жердеги калпты айтуучу.

**СОЧИНИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **сочини́тель.**

**СОЧИНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *грам.* байланыштыргыч, бириктиргич; **сочини́тельные сою́зы** байланыштыргыч байламталар; **сочини́тельная констру́кция предложе́ния** сүйлөмдүн байланыштыргыч түзүлүшү.

**СОЧИНИ'ТЕЛЬСТВО** *ср.* 1. *уст.* (*писательский труд*) жазуучулук; 2. *разг.* (*выдумывание, фантазирование*) жок нерсени ойлоп чыгаруучулук.

**СОЧИНИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*создать, написать*) жазуу; **сочини́ть пье́су** пьеса жазуу; **сочини́ть стихи́** ыр жазуу; 2. *разг.* (*выдумать*) ойлоп чыгаруу; **сочини́ть клевету́** ушак ойлоп чыгаруу.

**СОЧИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **сочини́ть.**

**СОЧИ'ТЬСЯ** *несов.* жыбылжып агуу, сызылып чыгуу; **кровь сочи́тся из ра́ны** жарадан кан сызылып чыгып турат; **ель сочи́тся смоло́й** карагайдан чайыр сызылып чыгып турат.

**СОЧЛЕНЕ'НИЕ** *ср. анат.* муун (*скелеттин сөөктөрүнүн кошулган жерлери*).

**СОЧЛЕНИ'ТЬ** *сов. что* бириктирүү, улоо, жалгаштыруу.

**СОЧЛЕНЯ'ТЬ** *несов см.* **сочлени́ть.**

**СО'ЧНОСТЬ** *ж.* 1. ширелүүлүк, чыктуулук; **со́чность ды́ни** коондун ширелүүлүгү; 2. *перен. разг.* (*образность*) көркөмдүүлүк, образдуулук; **со́чность сти́ля** стилдин көркөмдүүлүгү, стилдин образдуулугу; 3. *перен.* (*звучность*) заңгырагандык; **со́чность го́лоса** үндүн заңгырагандыгы.

**СО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*обильный соком*) ширелүү, чыктуу, суулуу; **со́чное я́блоко** ширелүү алма; **со́чная трава́** чыктуу чөп; 2. *перен.* (*яркий, свежий*) жаңы, ачык; **со́чные кра́ски** ачык боёктор; 3. *перен. разг.* (*образный*) көркөм, образдуу; **со́чное словцо́** көркөм айтылган сөз; 4. *перен.* (*звучный*) заңгыраган; **со́чный го́лос** заңгыраган үн, таамай чыккан үн.

**СОЧТЁННЫЙ,** -ая, -ое *прич.*: **дни его́ сочтены́** 1) анын күнү саналуу, анын бир-эки күндүк өмүрү калды; 2) *перен.* убакты бүттү, жакында жок болот.

**сочту́, сочтёшь** *и т. д. буд. вр. от* **счесть.**

**сочту́сь, сочтёшься** *и т. д. буд. вр. от* **счёсться.**

**СОЧУ'ВСТВЕННО** *нареч.* тилектештик менен, тилектеш болуп, боору ооруп, боорукерчилик менен, жаны ачып; **сочу́вственно отнести́сь** *к кому-л. бирөөгө* боорукерчилик менен мамиле кылуу.

**СОЧУ'ВСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое тилектештик, боорукердик менен иштелген; **сочу́вственное отноше́ние** тилектештик мамиле.

**СОЧУ'ВСТВИЕ** *ср.* 1. (*сострадание*) тилектеш болуу, боорукердик кылуу, ортоктош болуу; **выража́ть своё сочу́вствие** өзүнүн тилектештигин билдирүү; **иска́ть сочу́вствия** өзүнө тилектеш издөө; **из сочу́вствия** тилектештиктен, боору ооругандыктан; 2. (*одобрение*) жактыруу, макул табуу; **его́ прое́кт встре́тил всео́бщее сочу́вствие** анын проектиси бардык элге жакты.

**СОЧУ'ВСТВОВАТЬ** *несов. кому-чему* 1. (*проявлять сострадание*) тилектеш болуу, боору ооруу, жаны ачуу; **сочу́вствовать пострада́вшему** кырсыкка учураган кишиге жаны ачуу (боору ооруу); 2. (*одобрять*) жактыруу, макул табуу.

**СОЧУ'ВСТВУЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **сочу́вствовать;** 2. *в знач. сущ. м., ж.* тилектеш, боору ооруган, жактоочу.

www.bizdin.kg

**СО'ШКА** *ж. уст.* (*подставка для ружья при стрельбе*) мылтыктын шыйрагы; ◇ **мелкая сошка** *разг.* көп кишинин бири, майда-барат киши.

**СОШНИ'К** *м.* 1. *с.-х.* (*лемех*) сокунун тиши; 2. *воен.* такооч, тирөөч, сошник (*замбирек атканда кетенчиктебес үчүн астына коюлуучу таканчык*).

**СОЩУ'РИВАТЬ** *несов. см.* **сощурить.**

**СОЩУ'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сощуриться;** 2. *страд. к* **сощуривать.**

**СОЩУ'РИТЬ** *сов. что* жүлжүйтүү (*көздү*).

**СОЩУ'РИТЬСЯ** *сов.* жүлжүйүү (*көз*), көздү жүлжүйтүү.

**СОЮ'З** I *м.* 1. (*единение*) союз, бирдик; **союз рабочего класса и трудящихся масс крестьянства** жумушчу табы менен эмгекчи дыйкандардын массаларынын союзу; **в союзе** *с кем-л.* *бирөө менен* союздаш болуп, бирдикте болуп; 2. (*государственное объединение*) союз; **Советский Союз** Советтер Союзу; 3. (*организация, общественное объединение*) союз; **профессиональный союз** профессионалдык союз; 4. (*соглашение*) союз; **военный союз** согуштук союз; **заключить союз** союз түзүү.

**СОЮ'З** II *м. грам.* байламта; **условный союз** шарттуу байламта.

**СОЮ'ЗКА** *ж.* (*в обуви*) баш (*өтүктүн, батинкенин башы*).

**СОЮ'ЗНИК** *м.* 1. *полит.* союзник, союздаш; 2. (*сообщник, единомышленник*) өнөк, шерик.

**СОЮ'ЗНИЦА** *женск. р. к* **союзник.**

**СОЮ'ЗНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **союзник**-*ке т.*; **союзнические войска** союздаштардын войсколору.

**СОЮ'ЗНО-РЕСПУБЛИКА'НСКИЙ,** -ая, -ое союздук-республикалык; **союзно-республиканское министерство** союздук-республикалык министерство.

**СОЮ'ЗНЫЙ** I, -ая, -ое 1. союздук; **союзная республика** союздук республика; **учреждение союзного значения** союздук мааниси бар мекеме; 2. **союз** I 2-*ге т.*; союздаштык; **союзные державы** союздаш державалар; **союзный договор** союздаштык договор; 3. **союз** I 3-*кө т.*; союздук; **по союзной линии** союз боюнча.

**СОЮ'ЗНЫЙ** II, -ая, -ое *грам.* байламталуу; **союзная конструкция** байламталуу конструкция.

**СО'Я** *ж.* соя (*буурчак сыяктуу өсүмдүк*); **конфеты из сои** соядан жасалган конфеталар.

**СПАД** *м.* тартылыш, азайып калуу, кемүү; **спад весенних вод** жазгы суунун тартылышы.

**СПАДА'ТЬ** *несов. см.* **спасть.**

**СПА'ЗМА** *ж.* спазма (*булчуңдун диртилдеп тартышы*); **сердечные спазмы** *мед.* жүрөк спазмалары (*жүрөк булчуңдарынын тартышы*).

**СПАЗМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **спазма**-*га т.*; спазмалык; **спазматический кашель** спазмалык жөтөл.

**СПА'ИВАТЬ** I *несов. см.* **споить.**

**СПА'ИВАТЬ** II *несов. см.* **спаять.**

**СПА'ИВАТЬСЯ** I *несов. страд. к* **спаивать** I.

**СПА'ИВАТЬСЯ** II *несов.* 1. *см.* **спаяться;** 2. *страд. к* **спаивать** II.

**СПА'ЙКА** *ж.* 1. (*действие*) данекерлөө, ширетүү; 2. *мед., тех.* биригип жабышып калган жер; 3. *перен.* (*связь, единение*) байланыш, бирдик, ынтымактуулук.

**СПА'ЙЩИК** *м.* данекерчи, данекерлөө, ширетүү ишин иштеген жумушчу.

**СПА'ЛЗЫВАТЬ** *несов. см.* **сползти.**

**СПАЛИ'ТЬ** *сов. что* (*сжечь*) куйкалоо, өрттөө, күйгүзүү.

**СПА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое уктоого (жатууга) арналган; **спальный вагон** уктоого арналган вагон; **спальное место** уктоого арналган орун; **спальные принадлежности** жууркан-төшөк, төшөнчү-орун.

**СПА'ЛЬНЯ** *ж.* уктоого (жатууга) арналган бөлмө.

**СПАНЬЁ** *ср. разг.* уктоо; **койка для спанья** уктоого арналган койка (керебет).

**СПА'РЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **спарить;** 2. *прил.* (*соединённый в пару*) жупталган, кошоктолгон, кошмоктошкон; 3. *прил.* (*случённый*) куудурулган (*об овце, корове, козе*); каратылган (*о кобылице*); кайытылган (*о верблюдице*); чагыштырылган (*о собаке*); ◇ **спаренная езда** *ж.-д.* кош бригадалуу жүрүш (*ар бир паровозго экиден бригада бекилет да, илар кезектешип иштейт*).

**СПА'РЖА** *ж.* спаржа (*жашылчанын бир түрү*).

**СПА'РЖЕВЫЙ,** -ая, -ое **спаржа**-*га т.*

**СПА'РИВАНИЕ** *ср.* 1. жуптоо, жупталуу, кошоктоо, кошоктолуу, кошмоктоо, кошмоктолуу; 2. (*случка*) куудуруу (*овцы, козы, коровы*); каратуу (*кобылицы*); кайытуу (*верблюдицы*); чагыштыруу (*собаки*).

**СПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **спарить.**

**СПА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **спариться;** 2. *страд. к* **спаривать.**

**СПА'РИТЬ** *сов. кого-что* 1. (*соединить в пару*) жупташтыруу, кошоктоо, кошмоктоо; 2. (*случить*) куудуруу (*овцу, козу, корову*); каратуу (*кобылицу*); кайытуу (*верблюдицу*); чагыштыруу (*собаку*).

**СПА'РИТЬСЯ** *сов.* (*случиться — о животных*) куудурулуу (*об овце, козе, корове*); каратылуу (*о кобылице*), кайытылуу (*о верблюдице*); чагыштырылуу (*о собаке*).

**СПАРТАКИА'ДА** *ж.* спартакиада.

**СПАРТА'НЕЦ** *м.* 1. *ист.* спарталык (*Спарта деген байыркы гректик мамлекеттин граждандары*); 2. *перен.* чыдамдуу, чыйрак адам (*кыйынчылыкка көнүккөн, аз нерсеге да канаат кылуучу*).

**СПАРТА'НКА** *женск. р. к* **спартанец.**

**СПАРТА'НСКИЙ,** -ая, -ое **Спарта**-*га т.*; спарталык; **спартанское воспитание** спарталык (кара борчо) тарбия (*ысыкка-суукка, ачка-токко чыдамдуу кылып тарбиялоо*).

**СПА'РХИВАТЬ** *несов. см.* **спорхнуть.**

**СПА'РЫВАТЬ** *несов. см.* **спороть.**

**СПА'РЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **спороться;** 2. *страд. к* **спарывать.**

**СПАСА'НИЕ** *ср.* куткаруу, куткарып алуу; **спасание утопающего** сууга чөгүп бара жаткан адамды куткарып алуу.

**СПАСА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое куткаргыч, куткаруучу, куткарып алгыч; **спасательный круг** куткаруучу тегерек (*сууга чөгүп бараткан адамды куткаруучу тегерек*).

**СПАСА'ТЬ** *несов. см.* **спасти.**

**СПАСА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **спастись;** 2. *страд. к* **спасать.**

**СПАСЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) куткаруу, куткарып алуу, куткарып калуу; **спасение утопающего** сууга чөгүп бара жаткан адамды куткарып калуу; 2. (*результат*) чара, ылаажы, кутулуу жолу, кутулуп калуу, аман калуу; **нет спасения** ылаажы жок; **в этом было его спасение** анын кутулуу жолу мына ушунда болчу.

**СПАСИ'БО** 1. *частица* ыракмат; **спасибо вам** сизге ыракмат; **спасибо за одолжение** кылган кызматыңыз үчүн сизге ыракмат; **спасибо и на том** анысына да ыракмат; 2. *в знач. сказ. кому-чему* ыракмат; **спасибо товарищам, что помогли** жолдоштордун жардам көрсөткөнүнө ыракмат; 3. *в знач. сущ. ср.* ыракмат; **скажу вам большое спасибо** сизге чоң ыракмат айтамын; **он ему и спасибо не сказал** ал ага ыракмат да айткан жок.

**СПАСИ'ТЕЛЬ** *м.* куткаруучу, сактап калуучу, аман алып калуучу.

**СПАСИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **спаситель.**

**СПАСИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое куткаруучу, сактап турган, сактап калуучу; **спасительное средство** куткаруучу чара.

**СПАСОВА'ТЬ** *сов.* 1. (*в игре*) «пас» деп айтуу (*карта ойнунда: «бул жолу оюнга катышпайм» дегенди билдирет*); 2. *перен.* коркуу, тайсалдоо; **спасовать перед трудностями** кыйынчылыктан коркуу.

www.bizdin.kg

**СПАСТИ'** *сов. кого-что* куткаруу, куткарып калуу, сактап калуу; **спасти́ жизнь** *кому-л. бирөөнү* өлүмдөн сактап калуу; **спасти́ утопа́ющего** сууга чөгүп бара жаткан кишини куткарып калуу; ◇ **спасти́ положе́ние** кыйын абалдан чыгуунун жолун табуу.

**СПАСТИ'СЬ** *сов. от кого-чего* кутулуу, кутулуп кетүү, сактануу, сактанып калуу, аман калуу; **он едва́ спа́сся** ал араң кутулду.

**СПАСТЬ** *сов.* басаңдоо, төмөндөө, тартылуу, азаюу, азайып калуу; **жара́ к ве́черу спа́ла** ысык кечке жакын басаңдады; **вода́ в реке́ спа́ла** дарыяда суу азайып калды, дарыянын суусу тартылды.

**СПАТЬ** *несов.* 1. уктоо; **ложи́ться спать** уктоого жатуу; **кре́пко спать** катуу уктоо; **чу́тко спать** сергек уктоо; **спать сном пра́ведника** *разг.* жууратка тойгонсуп магдырап уктоо; **он спит как уби́тый** ал өлгөн немедей уктап жатат, ал абдан катуу уктап жатат; **спать под откры́тым не́бом** эшикте уктоо, ачык абада уктоо; 2. *перен. поэт.* мемиреп жатуу (*мис. токойдун ичи*); 3. *перен. разг.* (*быть бездеятельным*) уктап жатуу (отуруу), эчтеме кылбоо, аракетсиз отуруу, тим эле карап отуруу (жатуу); **ты не спи, а де́йствуй!** сен карап отурбай, аракет кыл!; ◇ **спать ве́чным сном** түбөлүк уйкуга кетүү (өлүү); **спит и ви́дит** жатса да, турса да ойлогону эле ошол.

**СПА'ТЬСЯ** *несов. безл.* уктоо, уйку келүү; **мне не спи́тся** уйкум келбей турат; **хорошо́ спи́тся под у́тро** таңга маал киши жакшы уктайт.

**СПА'ЯННОСТЬ** *ж.* ынтымактуулук, бирдиктүүлүк; **спа́янность коллекти́ва** коллективдин ынтымактуулугу.

**СПА'ЯННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **спая́ть**; 2. *прил.* данекерлеп бириктирилген; **спа́янные концы́ про́волоки** сымдын данекерлеп бириктирилген учтары; 3. *прил. перен.* ынтымактуу, бирдиктүү; **спа́янный коллекти́в** ынтымактуу коллектив.

**СПАЯ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*соединить паянием*) данекерлеп бириктирүү; 2. *кого-что, перен.* ынтымактуу кылуу, бекем бириктирүү.

**СПАЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*соединиться паянием*) данекерлешүү, ширелешүү; 2. *перен.* ынтымакташуу, бекем биригүү; **коллекти́в кре́пко спая́лся** коллектив абдан бекем бирикти.

**СПЕВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **спе́ться.**

**СПЕ'ВКА** *ж.* хордун репетициясы (*даярдык иретинде кошулуп ыр ырдоо*).

**СПЕКТА'КЛЬ** *м.* спектакль; **де́тский спекта́кль** балдар спектакли; **днево́й спекта́кль** күндүзгү спектакль.

**СПЕКТР** *м. физ.* спектр (*жарык нуру айнек призма аркылуу өткөндө пайда болуучу түрдүү түстөгү тилке*).

**СПЕКТРА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **спектр**-*ге т.*; спектрдик; **спектра́льный ана́лиз** спектр анализи, спектрдик анализ; **спектра́льные ли́нии** спектрдик сызыктар.

**СПЕКТРО'ГРАФ** *м. физ.* спектрограф (*спектрди сүрөткө алуучу оптикалык прибор*).

**СПЕКТРО'МЕТР** *м. физ.* спектрометр (*жарык толкундарынын узундугу боюнча спектрдик сызыктарды өлчөгүч прибор*).

**СПЕКТРОСКО'П** *м. физ.* спектроскоп (*спектрлерди байкоо үчүн колдонулуучу прибор*).

**СПЕКУЛИ'РОВАНИЕ** *ср.* спекулянттык кылуу, алып-сатардык кылуу, кызыл кулактык кылуу.

**ССУ'ДА** *ж.* ссуда, карыз; **беспроцéнтная ссýда** процентсиз ссуда; **долгосрóчная ссýда** узак мөөнөткө берилген ссуда; **безвозврáтная ссýда** кайтарылбас ссуда; **получи́ть ссýду** ссуда алуу.

**ССУДИ'ТЬ** *сов. кого-что чем* ссуда берүү, карыз берүү; **он ссуди́л меня́ ста рубля́ми** ал мага жүз сом карыз берди.

**ССУ'ДНЫЙ,** **-ая, -ое** **ссуда**-*га т.*; ссудалык; **ссýдный капитáл** ссудалык капитал.

**ССУДОДА'ТЕЛЬ** *м.* ссуда берүүчү, карыз берүүчү.

**ССУДОПОЛУЧА'ТЕЛЬ** *м.* ссуда алуучу, карыз алуучу.

**ССУЖА'ТЬ** *несов. см.* **ссуди́ть.**

**ССУТУ'ЛИТЬ** *сов. кого-что* бүкчүйтүү, бүкүрөйтүү.

**ССУТУ'ЛИТЬСЯ** *сов.* бүкчүйүү, бүкүрөйүү.

**ССУЧИ'ТЬ** *сов. см.* **сучи́ть** 1.

**ССЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **сослáть.**

**ССЫЛА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **сослáться; 2.** *страд. к* **ссылáть.**

**ССЫ'ЛКА** I *ж.* сүргүнгө айдоо (*жазалап айдап жиберүү*); **приговори́ть к ссы́лке** айдоого өкүм кылуу; **отпрáвить в ссы́лку** айдоого жөнөтүү.

**ССЫ'ЛКА** II *ж.* **1.** (*действие*) таянуу, таяныч кылып көрсөтүү, мисал кылып алуу, далил кылып алуу (*мис. бирөөнүн сөзүн, чыгармасын*), **2.** (*выдержка*) цитата, шилтеме; **ссы́лка напечáтана внизý** цитата *же* шилтеме төмөн жакта басылган.

**ССЫ'ЛОЧНЫЙ,** **-ая, -ое** **ссылка** II-*ге т.*; **ссы́лочные примечáния** шилтеме эскертүүлөр.

**ССЫ'ЛЬНАЯ** *женск. р. к* **ссы́льный.**

**ССЫ'ЛЬНЫЙ** *м. уст.* сүргүнгө айдалган киши.

**ССЫПА'НИЕ** *ср.* төгүү, салуу.

**ССЫ'ПАТЬ** *сов. что* төгүү, төгүп үйүп коюу; **колхóз ссы́пал зернó в элевáтор** колхоз данды элеваторго төктү.

**ССЫПА'ТЬ** *несов. см.* **ссы́пать.**

www.bizdin.kg

**ССЫ'ПКА** *ж.* төгүү, салуу; **ссы́пка зерна́** данды төгүү, данды салуу (*мис. кампага*).

**ССЫПНО'Й,** -а́я, -о́е **ссыпка**-*га т.*; **ссыпно́й пункт** төгүү пункуту.

**ССЫХА'ТЬСЯ** *несов. см.* **ссо́хнуться.**

**СТАБИЛИЗА'ТОР** *м.* стабилизатор (**1.** *ав. самолёт же дирижабль абада туруктуу болсун үчүн анын куйругуна бекитилген аспап;* **2.** *мор. кеменин чайпалуусун кемитүүчү аппарат;* **3.** *электр тогунун термелишин жок кылуучу прибор*).

**СТАБИЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* стабилизация, стабилизация кылуу, туруктуу абалга келтирүү; **стабилиза́ция цен** бааларды стабилизация кылуу.

**СТАБИЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* стабилизациялоо, стабилизация кылуу, туруктуу абалга келтирүү, белгилүү деңгээлге бекитүү; **стабилизи́ровать валю́ту** валютаны стабилизациялоо, валютаны туруктуу абалга келтирүү.

**СТАБИЛИЗИ'РОВАТЬСЯ 1.** *сов. и несов.* стабилизацияландырылуу, туруктуу абалга келтирилүү; **2.** *несов. страд к* **стабилизи́ровать.**

**СТАБИЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. см.* **стабилизи́ровать.**

**СТАБИЛИЗОВА'ТЬСЯ 1.** *сов. и несов. см.* **стабилизи́роваться; 2.** *несов. страд. к* **стабилизова́ть.**

**СТАБИ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* стабилдүүлүк, туруктуулук.

**СТАБИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое стабилдик, стабилдүү, туруктуу; **стаби́льные уче́бники** туруктуу окуу китептери; **стаби́льные це́ны** туруктуу баалар.

**СТА'ВЕНЬ** *м. см.* **ста́вня.**

**СТА'ВИТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*придавать стоячее положение*) тургузуу, тургузуп коюу, тигинен коюу; **ста́вить столбы́** устундарды тигинен коюу; **2.** *кого-что* (*помещать куда-л.*) коюу; **ста́вить цветы́ в ва́зу** гүлдөрдү вазага коюу; **ста́вить лошаде́й в коню́шню** аттарды атканага коюу; **3.** *что* (*прикладывать*) коюу; **ста́вить компре́сс** компресс коюу; **ста́вить ба́нки больно́му** оору кишиге оңко коюу; **4.** *что* (*устраивать, строить*) тургузуу, коюу, салуу; **ста́вить па́мятник** эстелик тургузуу; **ста́вить телефо́н** телефон коюу; **ста́вить избу́** жыгач үй тургузуу (салуу); **5.** *что* (*писать*) коюу; **ста́вить то́чку** чекит коюу; **6.** *что, театр.* коюу; **ста́вить но́вую пье́су** жаңы пьеса коюу; **7.** *кого* (*назначать*) коюу; **ста́вить на рабо́ту** кызматка (ишке) коюу; **8.** *что* (*выдвигать, предлагать*) коюу, салуу; **ста́вить вопро́с на обсужде́ние** маселени талкуута салуу; **9.** *что* (*в игре*) саюу, тигүү; **ста́вить на́ кон** оюндун бир саамына тигүү (*мис. чүкөнү*); **10.** *что* (*придавать нужное положение, форму*) үйрөтүү, келтирүү, түзөтүү; **ста́вить ру́ку музыка́нту** музыканттын колун оюнга үйрөтүү; **ста́вить го́лос** үнүн күүгө келтирүү, үнүн түзөтүү; **11.** *что* (*вменять*) коюу; **ста́вить в обя́занность** милдет кылып коюу; **ста́вить в вину́** айып коюу, айыптоо, күнөө коюу; **ста́вить за пра́вило** эреже катары коюу; ◇ **ста́вить реко́рд** рекорд коюу; **ста́вить диа́гноз** диагноз коюу; **ста́вить в изве́стность** билдирүү, билдирип коюу, кабар кылып коюу; **ни во что не ста́вить** *кого-л. бирөөнү* киши ордуна көрбөө; **ста́вить на вид** эскертүү берүү; **ста́вить на ка́рту** тобокел кылуу, тобокелге салуу; **ста́вить во главу́ угла́** эң башкы (негизги) деп эсептөө; **ста́вить на одну́ до́ску** *с кем-л. бирөө менен* теңештирүү; **ста́вить часы́** саатты тууралап коюу; **ста́вить самова́р** самоор коюу.

**СТА'ВКА** I *ж.* (*штаб*) ставка, штаб; **ста́вка Верхо́вного Главнокома́ндующего** Жогорку Башкы командачынын ставкасы (штабы).

**СТА'ВКА** II *ж.* **1.** (*в игре*) тиккен акча, сайган акча, кумарга койгон акча; **2.** (*размер заработной платы*) айлык кызмат акы, айлык эмгек акы; ◇ **о́чная ста́вка** беттештирүү, бетме-бет коюп сүйлөшүү, көздөштүрүү; **де́лать ста́вку** *на кого-л. бирөөгө* ишенүү.

**СТА'ВЛЕННИК** *м.* бирөөнүн кишиси (*бирөөнүн камкордугу, тырышуусу аркасында ишке турган жана анын тилегенин иштөөчү киши*).

**СТА'ВНЯ** *ж.* терезенин жапкычы, терезе капкагы.

**СТАДИА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* стадиялуулук.

**СТАДИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое стадиялуу.

**СТАДИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **стадиа́льный.**

**СТАДИО'Н** *м.* стадион.

**СТА'ДИЯ** *ж.* стадия (*өсүү баскычы, өрчүү фазасы*).

**СТА'ДНОСТЬ** *ж.* үйүрдүүлүк (*үйүрдүк сезимдин болушу*).

**СТА'ДНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*живущий стадом*) үйүрдүү, үйүр-үйүр болуп жүргөн, топ-топ болуп жүргөн; **ста́дное живо́тное** үйүр-үйүр болуп жүргөн айбан; **2.** *перен.* сокур сезимге мал сыяктуу берилип дүргүгөн; **ста́дное чу́вство** сокур сезимге мал сыяктуу берилүү.

**СТА'ДО** *ср.* үйүр (*о животных*); бир короо (*о скоте*); мал, топ; **колхо́зные стада́** колхоздун малы; **ста́до коро́в** бир короо уй; **ста́до ове́ц** бир короо кой; **ста́до ди́ких у́ток** жапайы өрдөктөрдүн тобу; **увеличе́ние ста́да рога́того скота́** мүйүздүү ири малдардын санын көбөйтүү.

**СТАЖ** *м.* **1.** стаж; **име́ть большо́й стаж** стажы көп болуу; **парти́йный стаж** партиялык стаж; **кандида́тский стаж** кандидаттык стаж; **трудово́й стаж** эмгек стажы; **2.** (*срок*) стаж (*белгилүү бир укук алуу үчүн милдеттүү түрдө өтүлүүчү иштин мөөнөтү*); **проходи́ть стаж** тажрыйба алуу, стажын өтүү.

**СТАЖЁР** *м.* стажёр, сыноо стажын өтүүчү киши.

**СТАЖЁРКА** *женск. р. к* **стажёр.**

**СТАЖИ'РОВАТЬ** *несов.* стаж өтүү.

**СТАЖИРО'ВКА** *ж.* стаж өтүү.

**СТА'ИВАТЬ** I *несов. см.* **ста́ять.**

**СТА'ИВАТЬ** II *многокр. см.* **стоя́ть;** тура берүү, . . . болуп тура берүү, жактай берүү.

**СТА'ЙЕР** *м. спорт.* стайер (*узак аралыкка чуркоочу же коньки тебүүчү киши*).

**СТАКА'Н** *м.* **1.** стакан; **пить из стака́на** стакандан ичүү; **вы́пить стака́н ча́ю** бир стакан чай ичүү; **2.** *воен.* (*оболочка снаряда*) стакан; ◇ **бу́ря в стака́не воды́** арадай жерде чарадай жыйын.

**СТАКА'ННЫЙ,** -ая, -ое **стакан** 1-*ге т.*; стакан чыгаруучу; **стака́нное произво́дство** стакан чыгаруучу өндүрүш.

**СТАЛАГМИ'Т** *м. мин.* сталагмит (*үңкүрлөрдүн түбүндө суу тамчысынан пайда болгон уркуйган акиташ*).

**СТАЛАГМИ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **сталагмит**-*ке т.*; сталагмиттүү, сталагмиттик.

**СТАЛАКТИ'Т** *м. мин.* сталактит (*үңкүрлөрдүн төбөсүндө сызылып чыккан суудан пайда болуп, төмөн салаңдап турган акиташ*).

**СТАЛАКТИ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **сталактит**-*ке т.*; сталактиттүү, сталактиттик; **сталакти́товая пеще́ра** сталактиттүү үңкүр.

**СТАЛЕБЕТО'Н** *м.* сталебетон (*цемент менен жогорку сорттуу металлдардын сыныктарынын кошундусу*).

**СТАЛЕБЕТО'ННЫЙ,** -ая, -ое **сталебетон**-*го т.*; сталебетондук; **сталебето́нные констру́кции** сталебетондук конструкциялар.

**СТАЛЕВА'Р** *м.* болот эритүүчү (*жумушчу*).

**СТАЛЕВАРЕ'НИЕ** *ср.* болот эритүү; **скоростно́е сталеваре́ние** болотту тез эритүү.

**СТАЛЕЛИТЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое болот куюучу; **сталелите́йный заво́д** болот куюучу завод.

**СТАЛЕЛИТЕ'ЙЩИК** *м.* болот куюучу (*жумушчу*).

**СТАЛЕПЛАВИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое болот эритүүчү; **сталеплави́льная печь** болот эритүүчү меш.

**СТАЛЕПЛАВИ'ЛЬЩИК** *м.* болот эритүүчү (*жумушчу*)

**СТАЛЕПРОКА'ТНЫЙ,** -ая, -ое болот прокат кылуучу; **сталепрока́тный цех** болот прокат кылуучу цех.

**СТАЛЕПРОКА'ТЧИК** *м.* болот прокат кылуучу (*жумушчу*).

www.bizdin.kg

**СТАЛИНИ'Т** *м. тех.* сталинит (*кесүүчү инструменттерди, тоо тешүүчү шаймандарды жасоого пайдалануучу куйма*).

**СТА'ЛКИВАТЬ** *несов. см.* **столкну́ть.**

**СТА'ЛКИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **столкну́ться; прихо́дится ча́сто ста́лкиваться с э́тим явле́нием** мындай абал менен көп убакытта кезигишүүгө туура келет; 2. *страд. к* **ста́лкивать.**

**СТА'ЛО: ста́ло быть** *вводн. сл. разг.* демек; **ста́ло быть, так ну́жно** демек, ушундай болушу керек.

**СТАЛЬ** *ж.* болот; **нержаве́ющая сталь** дат баспай турган болот; **высокока́чественные ста́ли** жогорку сапаттуу болоттор; **инструмента́льные ста́ли** инструмент (аспап жасалуучу) болоттор, инструмент жасалуучу жогорку сапаттуу болоттор; **клино́к из ста́ли** болоттон жасалган кылыч (канжар)

**СТАЛЬНО'Й,** -а́я, -о́е 1. **сталь**-*га т.*; **стальны́е пе́рья** болот калем учтар; 2. *перен.* (*о цвете*) көгүш (*түс*); **стально́го цве́та** көгүш түстүү; 3. *перен.* (*крепкий, упругий*) мыкты, болоттой катуу; **стальны́е мы́шцы** болоттой катуу булчуңдар, 4. *перен.* (*выносливый, сильный*) кажыбас, чыдамдуу, күчтүү; **стальны́е не́рвы** чыдамдуу нервдер; **стальна́я во́ля** күчтүү эрк, кажыбас кайрат.

**СТАМЕ'СКА** *ж.* тешкич, стамеска (*жыгач устасынын жалпак миздүү курч жабдыгы*).

**СТАН** I *м.* (*туловище*) тулку бой (*кишинин тулку бою*)

**СТАН** II *м.* 1. (*лагерь*) стан (*лагерь, кош*); **полево́й стан** талаа станы; 2. *перен.* (*войско, воюющая сторона*) аскер (согушуучу) тарап, согушуучу жак; кошуун; **вра́жий стан** душмандын аскерлери, 3. *ист.* стан (*уезддердин административдик-саясий бөлүнүштөрү*).

**СТАН** III *м. тех.* стан (*металлдан ири буюмдарды жасоого арналган татаал машина*); **прока́тный стан** прокаттык стан.

**СТАНДА'РТ** *м.* 1. (*образец*) стандарт, үлгү; **изготовля́ть по станда́рту** стандарт боюнча жасап чыгаруу; 2. *эк.* (*мерило*) стандарт, чен, өлчөө, өлчөгүч; **золото́й станда́рт в де́нежном обраще́нии** акчанын айланышындагы алтын стандарты; 3. *перен.* (*шаблон*) стандарт, шаблон; үлгү.

**СТАНДАРТИЗА'ЦИЯ** *ж.* стандартизация, стандартташтыруу; **стандартиза́ция дета́лей** деталдарды стандартташтыруу.

**СТАНДАРТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* стандартташтыруу, бир стандартка келтирүү; **стандартизи́ровать произво́дство запасны́х часте́й** запас бөлүктөрдү чыгарууну стандартташтыруу.

**СТАНДАРТИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. см.* **стандартизи́ровать.**

**СТАНДА'РТНОСТЬ** *ж.* стандарттуулук.

**СТАНДА'РТНЫЙ,** -ая, -ое 1. **стандарт**-*ка т.*; стандарттуу, стандарттык, **станда́ртная ме́бель** стандарттуу мебель; 2. *перен. разг. неодобр.* баягы эле, мурунтадан бери эле айтылып жүргөн; **станда́ртные фра́зы** баягы эле сөздөр, мурунтадан бери эле айтылып жүргөн сөздөр.

**СТАНИ'НА** *ж.* 1. *тех.* станина (*машина же станок кыймылдабай турган кылып орнотулган негиз, түп*); 2. *см.* **стано́к** II 2.

**СТАНИО'ЛЬ** *м. тех.* станиоль (*калай кагаз; бул ар түрдүү буюмдарды коюздоо үчүн колдонулат*).

**СТАНИ'ЦА** *ж.* 1. станица (*казак орустардын кыштагы*); 2. *поэт.* (*стая*) топ; **стани́ца журавле́й** турналардын тобу.

**СТАНИ'ЧНИК** *м.* станицада туруучу киши.

**СТАНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **станица** 1-*ге т.*; станицалык; **стани́чный атама́н** *ист.* станицалык атаман.

**СТАНКО'ВЫЙ** I, -ая, -ое **станок** I 2-*ге т.*; станоктуу; **станко́вый пулемёт** станоктуу пулемёт; ◊ **станко́вое иску́сство** станок искусствосу (*сүрөт тартуунун бир түрү*).

**СТАНКО'ВЫЙ** II, -ая, -ое **станок** II-*ге т.*

**СТАНКОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* станок куруу, станок жасоо.

**СТАНКОСТРОИ'ТЕЛЬ** *м.* станок куруучу, станок жасоочу (*специалист*).

**СТАНКОСТРОИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое станок куруучу, станок жасоочу; **станкострои́тельный заво́д** станок куруучу завод.

**СТАНОВИ'ТЬСЯ** *несов. см.* **стать** I 1, 3—7.

**СТАНОВИ'ЩЕ** *ср.* убактылуу токтой турган конуш; **станови́ще коче́вников** көчмөн элдердин конушу.

**СТАНОВЛЕ'НИЕ** *ср.* орноо, пайда болуу, орун алуу; **становле́ние но́вого бы́та** жаңы турмуштун орношу.

**СТАНОВО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*центральный, главный*) негизги, башкы; **станово́й бе́рег** өзөндүн, суунун негизги жээги (*суу кирбей жана кургабай турган кездеги жээк*); 2. *перен.* негизги, башкы; ◊ **станово́й при́став** *ист.* становой пристав (*падышалык Россияда — полициянын чиновниги, уезддеси стандын начальниги*).

**СТАНО'К** I *м.* 1. станок; **тка́цкий стано́к** токуу station; **печа́тный стано́к** басма станок (*мис. газета, журнал, китеп басуучу станок*); **тока́рный стано́к** токардык станок; **револьве́рный стано́к** револьвер станогу (*башы тегеренме токардык станоктун бир түрү*), **фре́зерный стано́к** фрезердик станок; **строга́льный стано́к** сүргүч станок; **рабо́чий от станка́** станокто иштөөчү жумушчу; 2. (*пулемёта, орудия*) станок.

**СТАНО'К** II *м.* 1. (*приспособление для ковки лошадей*) ат маамы (*такалоо үчүн атты байлоого арналган мамы*); 2. (*стойло*) ат байлай турган жер, ат тура турган жер.

**СТАНО'ЧНИК** *м.* станочник, станокто иштөөчү жумушчу.

**СТАНО'ЧНИЦА** *женск. р. к* **стано́чник.**

**СТАНО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **станок** 1-*ге т.*; станоктук; **стано́чный парк заво́да** заводдун станоктук паркы.

**СТАНС** *м. лит.* 1. станс (*ырдын синтаксистик бүткөн периодду көрсөтүүчү строфасы*); 2. **ста́нсы** *только мн.* стансы (*станс формасында жазылган ыр*).

**СТАНЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **станция**-*га т.*; **станцио́нное зда́ние** станциянын имараты; **станцио́нный смотри́тель** *уст.* бекетчи (*почта станциясынын башчысы*).

**СТА'НЦИЯ** *ж.* 1. *ж.-д* станция; **железнодоро́жная ста́нция** темир жол станциясы; **това́рная ста́нция** товардык станция; **узлова́я ста́нция** темир жолдордун тоому болгон станция; **почто́вая ста́нция** *уст.* бекет (*почта станциясы*); **ста́нция отправле́ния** жөнөтүү станциясы; **ста́нция назначе́ния** бара турган станциясы; 2. (*учреждение, предприятие*) станция; **телефо́нная ста́нция** телефон станциясы; **метеорологи́ческая ста́нция** метеорологиялык станция; **о́пытная сельскохозя́йственная ста́нция** айыл чарбалык тажрыйба станциясы; **семеново́дческая ста́нция** үрөн өстүрүү станциясы; **маши́нно-тра́кторная ста́нция (МТС)** машина-трактор станциясы (МТС).

**СТА'ПЕЛЬ** *м. мор.* стапель (*кемелерди кураштыруу жана сууга түшүрүү үчүн арналган тактайдан жасалган жантайыңкы секиче*).

**СТА'ПЛИВАТЬ** *несов. см.* **стопи́ть.**

**СТА'ПТЫВАТЬ** *несов. см.* **стопта́ть.**

**СТАРА'НИЕ** *ср.* тырышуу, аракет кылуу, аракет; **употреби́ть все стара́ния** бардык аракетти кылуу.

**СТАРА'ТЕЛЬ** *м.* старатель (*өзүнчө, кустардык жол менен иштеп алтын издөөчү киши*).

**СТАРА'ТЕЛЬНО** *нареч.* тырышып, тырыштык менен; **стара́тельно вы́полнить рабо́ту** жумушту тырыштык менен аткаруу.

**СТАРА'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* тырыштык, тырышчаактык, аракеттүүлүк; **прояви́ть большу́ю стара́тельность** зор тырыштык көрсөтүү.

www.bizdin.kg

**СТАРА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тырыш, тырышчаак, тырышуучу; **старáтельный ученúк** тырышчаак окуучу.

**СТАРА'ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **старатель**-*ге т.*; старателдик; **старáтельская артéль** старателдик артель (*өзүнчө алтын издөөчү артель*).

**СТАРА'ТЕЛЬСТВО** *ср.* старателдик, старателдик кылуу (*өзүнчө алтын издөө*).

**СТАРА'ТЬСЯ** *несов.* тырышуу, аракет кылуу; **старáться изо всёх сил** күчүнүн бардыгынча тырышуу.

**СТАРЕ'ЙШИНА** *м. ист.* карыя, ак сакал (*уруучулук коомдун башчысы*); ◇ **Совéт старéйшин** Ак сакалдар совети (*ар түрдүү уюмдардагы кээ бир органдардын аты, мис. делегаттардын өкүлдөрүнүн кеңеши ж. б.*).

**СТАРЕ'ТЬ** *несов.* каруу, картаюу, эскирүү.

**СТА'РЕЦ** *м.* чал, абышка, карыя (*почтительно*); **мýдрый стáрец** акылман карыя.

**СТАРИ'К** *м.* чал, абышка, карыя (*почтительно*).

**СТАРИКО'ВСКИЙ,** -ая, -ое **старик**-*ке т.*

**СТА'РИНА** *ж. лит.* (*былина*) жомок (*баатырлар жөнүндө ыр менен жазылган жомок*).

**СТАРИНА'** 1. *ж.* (*давно минувшее время*) эзелки (байыркы) заман, байыркы убакытта болгон, илгерки убакытта болгон; **в старинý** байыркы заманда; 2. *ж.* (*старинные вещи*) эзелки (байыркы) буюм; 3. *ж.* (*старые обычаи*) эзелки (байыркы) адат; **он придéрживается стариньí** ал байыркы адатты кармайт; 4. *м. разг.* (*обращение к старику*) карыя; **послýшай, старинá!** угуңузчу, карыя!; ◇ **тряхнýть стариной** *разг.* жаштыкты эске түшүрүү, жаш кезиндеги адатын карматуу.

**СТАРИ'НКА** *ж.*: **по старúнке** эски салт боюнча.

**СТАРИ'ННЫЙ,** -ая, -ое эски, байыркы, эчаккы; **старúнная кнúга** байыркы китеп; **старúнный друг** эски дос.

**СТА'РИТЬ** *несов. кого-что* кары кылып көрсөтүү, картайтып көрсөтүү.

**СТА'РИТЬСЯ** *несов.* каруу, картаюу, эскирүү.

**СТА'РИЦА** *ж.* дарыянын (өзөндүн) эски изи, кургап калган дарыя (өзөн).

**СТАРИЧО'К** *м. уменьш. от* **старúк** чал, абышка, карыя.

**СТАРО-** *татаал сөздүн «эски» дегенди билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **старомóдный** эски модалуу.

**СТАРОВЕ'Р** *м. см.* **старообрядец.**

**СТАРОДА'ВНИЙ,** -яя, -ее абдан эски, алда качанкы, атам замандагы; **стародáвние временá** байыркы өткөн замандар (убакыттар).

**СТАРОЖИ'Л** *м.* көптөн бери туруучу киши (*кандайдыр бир жерде көптөн бери туруп калган киши*).

**СТАРОЗАВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое эзелки замандан бери келаткан, эскини колдонуучу; **старозавéтные взгля́ды на жизнь** турмушка эскиче көз караш.

**СТАРОМО'ДНЫЙ,** -ая, -ое эски модалуу, эски модадагы, эчак эле модадан чыккан; **старомóдное плáтье** эски модада тигилген көйнөк.

**СТАРООБРА'ЗНОСТЬ** *ж.* карыгандай болуп көрүнгөндүк, карыган өңдөңгөндүк.

**СТАРООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое картаң, кары көрүнгөн, карыган өңдүү; **старообрáзное лицó** кары көрүнгөн бет.

**СТАРООБРЯ'ДЕЦ** *м.* диндик эски ырым-жырымдарды жактоочу.

**СТАРООБРЯ'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **старообрядчество**-*го,* **старообрядец**-*ке т.*

**СТАРООБРЯ'ДЧЕСТВО** *ср.* диндик эски ырым-жырымдарды колдонуучулук (*Россияда диний сектанттык багыт*).

**СТАРОПЕЧА'ТНЫЙ,** -ая, -ое эски басылган, байыркы басылган; **старопечáтные кнúги** эски басылган китептер (*18 кылымдын башына дейре басылган китептер*).

**СТАРОРЕЖИ'МНЫЙ,** -ая, -ое эски режимдүү, эски режимдик (*революциядан мурдагы*).

**СТАРОСВЕ'ТСКИЙ,** -ая, -ое *уст.* эскичил, мурунку үрп-адатты колдонуучу; **старосвéтские помéщики** эски үрп-адатты колдонуучу помещиктер.

**СТАРОСЛАВЯ'НСКИЙ,** -ая, -ое (*о языке*) эски славян тили.

**СТА'РОСТА** *м.* староста; **стáроста грýппы** группанын старостасы; **сéльский стáроста** *уст.* селолук староста (старчын).

**СТАРОСТА'Т** *м.* старостат (*окуу жайларында группалардын старосталарынан шайлануучу коомдук уюм*).

**СТА'РОСТЬ** *ж.* карылык; ◇ **на стáрости лет** карыганда, карыган кезинде; **глубóкая стáрость** өтө карыган кез.

**СТАРТ** *м.* 1. старт (*спорттук жарышка түшүү мезгили*); **дать старт** старт берүү (*жарышты баштоо белгисин берүү*); **взять старт** стартты алуу (*жарышта а дегенде озунуп биринчи чуркоо*); 2. старт (*жарыштын башталуучу орду*); **бегунь́ собралúсь на стáрте** чуркоочулар (жөө күлүктөр) стартка чогулушту.

**СТА'РТЕР** *м.* стартер (1. *спорт. жарыштын башталышына белги берүүчү киши;* 2. *тех. моторлорду механикалык жол менен жүргүзүүчү прибор*).

**СТАРТОВА'ТЬ** *сов. и несов.* стартты баштоо, спорт жарыштарын баштоо.

**СТАРУ'ХА** *ж.* кемпир.

**СТАРУ'ШЕЧИЙ,** -ья, -ье **старуха**-*га т.*; **старýшечий гóлос** кемпирдин үнү, кемпирдин үнүндөй үн.

**СТАРУ'ШКА** *ж. уменьш. от* **старýха** кемпир.

**СТА'РЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **старик**-*ке,* **старуха**-*га т.*; **стáрческий кáшель** карган кишинин жөтөлү.

**СТАРШЕКЛА'ССНИК** *м.* жогорку класстын окуучусу.

**СТА'РШИЙ,** -ая, -ее 1. (*по возрасту*) улуу, жашы улуу; **стáрший брат** ага; 2. (*по положению*) старший; **стáрший инженéр** старший инженер; 3. *в знач. сущ. м.* улуу киши (*жашы*); 4. *в знач. сущ.* **стáршие** *мн.* чоңдор.

**СТАРШИНА'** *м.* 1. старшина; 2. *ист.*: **аýльный старшинá** ыстарчын; **волостнóй старшинá** 1) болуш (*бир болуш элдин башчысы, кыргыз жана казактарда*); 2) волостной старшина (*орустарда*).

**СТАРШИ'НСТВО** *ср.* (*должность старшины*) старшиналык.

**СТАРШИНСТВО'** *ср.* 1. (*по возрасту*) улуулук; 2. (*по положению*) даражанын чоңдугу.

**СТА'РЫЙ,** -ая, -ое 1. (*достигший старости*) кары, карыган, картаң, картайган; **стáрая лóшадь** картаң ат; 2. (*давний*) эски; **стáрый друг** эски дос; 3. (*ветхий*) эскирген; **стáрый дом** эскирген үй; 4. (*недействительный*) эскирген, мөөнөтү өткөн, жарабай калган; **стáрое удостоверéние** эскирген күбөлүк кат; 5. (*старинный*) эски; **стáрые кнúги** эски китептер; 6. (*устаревший*) эски, эскирген; **стáрая тéхника** эскирген техника; 7. (*бывший, прежний*) эски, мурдагы, мурунку; **стáрый начáльник** мурдагы начальник; 8. (*опытный, бывалый*) тажрыйбалуу, көптү көргөн; 9. *в знач. сущ. ср.* эски; **борьбá стáрого с нóвым** эскинин жаңы менен болгон күрөшү, ◇ **по стáрой пáмяти** өткөндү эске алып, өткөндү эстеп; **стáрая дéва** куу далы кыз (*жашы өтүп кеткен кыз, күйөөгө чыкпай отуруп калган кыз*).

**СТАРЬЁ** *ср. собир. разг.* эски-уску, жаман-жуман.

**СТАРЬЁВЩИК** *м.* эски-уску буюмдарды сатуучу киши.

**СТАРЬЁВЩИЦА** *женск. р. к* **старьёвщик.**

**СТАСКА'ТЬ** *сов. что, разг.* бир жерге чогултуу, бир жерге жыйноо, үйүү; **стаскáть все кáмни в кýчу** бардык таштарды бир жерге чогултуу.

**СТА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **стаскáть, стащúть** 1, 2.

**СТАСОВА'ТЬ** *сов. что* аралаштыруу; **стасовáть кáрты** картаны аралаштыруу.

**СТА'ТИКА** *ж.* статика (1. *заттардын тең салмагынын шарттары жөнүндөгү окуу;* 2. *тынч же тең салмак абалы*).

www.bizdin.kg

**СТАТИ'СТ** *м.* **1.** *театр.* статист (*сахнага чыгып, сөзү жок роль аткаруучу киши*); **2.** *перен.* бир иште ролу эң эле кичине же жокко эсе киши.

**СТАТИ'СТИК** *м.* статистик (*статистика жагынан специалист*).

**СТАТИ'СТИКА** *ж.* статистика (**1.** *элдик коомдун жана эл чарбачылыгынын өнүгүшүндөгү сан жагынан болгон өзгөрүүлөрдү үйрөнүүчү илим*; **2.** *санак, эсепке алуу*).

**СТАТИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **статистика**-*га т.*; статистикалык, **статистическая таблица** статистикалык таблица.

**СТАТИ'СТКА** *женск. р.* **к статист.**

**СТАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1. статика**-*га т.*; статикалык; **статический расчёт** статикалык расчёт; **2.** (*неподвижный*) бир жерде турган, ордунан козголбогон.

**СТАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* статикалуулук (*тынч же тең салмактуулук*).

**СТАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое статикалуу, статикалык (*тынч же тең салмактуу*).

**СТА'ТНОСТЬ** *ж.* келишимдүүлүк, сындуулук, сымбаттуулук; **статность фигуры** мүчөнүн келишимдүүлүгү.

**СТА'ТНЫЙ,** -ая, -ое келишимдүү, сындуу, сымбаттуу; **статный юноша** сымбаттуу жигит.

**СТА'ТОР** *м.* *тех.* статор (*электр машинанын кыймылдабас бөлүгү*).

**СТАТОСКО'П** *м.* статоскоп (*өтө сезгич барометр*).

**СТА'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **статочное ли это дело?** *разг.* мүмкүнбү?, болобу?, жакшыбы?, ай, жакшы эмес ко?

**СТА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **1.** *уст. см.* **штатский; 2.** *ист.* статский (*падышалык Россияда — кээ бир граждандык чиндердин составдык наамдарынын биринчи бөлүгү*); **статский советник** статский советник (*5-инчи класстын чини*)

**СТАТС-СЕКРЕТА'РЬ** *м.* статс-секретарь (*кээ бир өлкөлөрдө министрлердин жана жогорку чиновниктердин наамдары*).

**СТАТУ'Т** *м. офиц.* статут (*закон, жобо, устав*).

**СТАТУЭ'ТКА** *ж.* статуэтка (*кичинекей статуя, кичинекей скульптура*).

**СТА'ТУЯ** *ж.* статуя; **мраморная статуя** мрамордон жасалган статуя, мрамор статуя.

**СТАТЬ** I *сов.* **1.** (*встать*) туруу; **ни стать ни сесть** туруп туруга да болбойт, отурууга да болбойт; **у него волосы стали дыбом** анын төбө чачы тик турду; **2.** (*прекратить движение*) токтоп калуу, туруп калуу, тоңуп калуу, жүрбөй калуу; **часы стали** саат токтоп калды, саат жүрбөй калды; **река стала** дарыя тоңуп калды; **машина стала** машина жүрбөй калды; **лошадь стала** ат токтоп калды; **3.** (*ступить на какое-л. место, расположиться*) туруу, басуу, басып туруу; **стать на ковёр** килемдин үстүнө туруу, килемди басып туруу; **4.** (*поместиться*) коюлуу, туруу, орун алуу; **шкаф станет в этот угол** шкаф мына бул бурчка коюлат; **5.** (*сделать остановку*) туруу, токтоо; **стать лагерем** лагерь болуп туруу; **стать на якорь** (*о судне*) якорду сууга таштап туруу; **6.** (*приступить к чему-л., начать действовать*) туруу, баштоо, келүү; **он стал заниматься в вечерней школе** ал кечки мектепте окуй баштады; **стать за станок** станокто иштей баштоо; **7.** (*сделаться*) болуу, болуп калуу; **что с ним стало?** ага эмне болду?; **на улице стало темно** эшикте караңгы болду; **мне стало стыдно** мен уялып кеттим; 8. *безл. кого-чего, с отриц.* (*перестать существовать, исчезнуть*) жок болуу; **у меня сил не стало после болезни** ооруп айыккандан кийин алым калбай калды, 9. *разг.* (*оказаться достаточным, хватить*) жетүү, жеткиликтүү болуу; **станет ли у тебя сил для этого дела?** бул ишке сенин күчүң жетеби?; **с тебя (этого) станет** сенден ушуну күтүүгө болот (*какшык иретинде*); **10.** *разг.* (*обойтись в какую-л. цену*) түшүү, туруу; **этот костюм стал мне в пятьсот рублей** бул костюм мага беш жүз сомго түштү; ◇ **во что бы то ни стало** кандай болбосун, кандай болсо да, кандай гана болбосун.

**СТАТЬ** II *ж.* (*телосложение*) кебете, келбет, бой, мүчө; ◇ **под стать** *кому-л.* *бирөөгө* жарашуу, *бирөөгө* туура келүү, жараша турган, ылайык келген.

**СТАТЬ** III *ж.* (*характер, устройство*) өзүнчө мүнөз, жаралыш; **у него особенная стать** анын өзүнчө мүнөзү бар; ◇ **с какой стати?** *разг.* эмне үчүн?, кандайча?, эмнеликтен?, эмне себептен?, кандай себептен?

**СТА'ТЬСЯ** *сов. чаще безл. разг.* болуу; **что с ним станется?** ага эмне болор эле?, ага эмне болмок эле?; ◇ **может статься** *вводн. сл.* болууга мүмкүн, балким, ыктымал.

**СТАТЬЯ'** *ж.* **1.** (*небольшое сочинение*) макала; **газетная статья** газета макаласы; **2.** (*глава, раздел*) статья (*бир документтин айрым бүткөн параграфы*); **статья договора** договордун статьясы; **3.** статья (*бир кирешенин же чыгашанын булагы*); **статья дохода** *фин.* доходдун (кирешенин) статьясы; **животноводство — важная статья в сельском хозяйстве** мал чарбачылыгы айыл чарбада маанилүү статья; ◇ **это особая статья** мунун жөнү такыр башка; **по всем статьям** *разг.* бардык жагынан.

**СТАФИЛОКО'КК** *м.* *бакт.* стафилококк (*чиритип жиберүүчү топ-топ болуп жашай турган, тоголок бактериянын бир түрү*).

**СТАЦИОНА'Р** *м.* стационар (*дайыма бир жерде туруучу ишкана, мекеме*).

**СТАЦИОНА'РНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*не передвижной*) стационардык; **стационарный госпиталь** стационардык госпиталь; **2.** (*лечащийся в больнице*) ооруканада жаткан; **стационарный больной** ооруканада жаткан оору киши; **3.** стационардык; **стационарное отделение** стационардык бөлүм (*оорукананын бөлүмү*).

**СТАЧА'ТЬ** *сов. что* кайып тигүү, шырып тигүү; **стачать сапоги** өтүктү кайып тигүү; өтүк тигүү.

**СТА'ЧЕЧНИК** *м.* стачкачы (*стачкага катышуучу киши*).

**СТА'ЧЕЧНЫЙ,** -ая, -ое **стачка**-*га т.*; стачкалык; **стачечный комитет** стачкалык комитет.

**СТА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **сточить.**

**СТА'ЧКА** *ж.* *полит.* стачка.

**СТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* **1.** (*переместить волоком*) сүйрөп жеткирүү, сүйрөп ташуу (*бир жерден экинчи жерге*); **мы стащили мешки в подвал** биз каптарды подвалга сүйрөп ташыдык; **2.** (*снять, сдёрнуть*) тартуу, тартып чечүү, тартып алуу, сууруп алуу; **стащить с ноги сапог** буттан өтүктү тартып алуу; **3.** (*украсть*) уурдоо, уурдап алуу.

**СТА'Я** *ж.* үйүр, топ; **стая журавлей** турналардын тобу; **стая рыб** бир топ балык, балыктардын бир тобу; **стая волков** карышкырлардын тобу.

**СТА'ЯТЬ** *сов.* эрүү, эрип кетүү, эрип жок болуу; **снег уже стаял** кар эрип жок болду.

**СТВОЛ** *м.* **1.** (*дерева*) сөңгөк; **2.** *воен.* ствол (*мылтык, пулемёт, замбирек ж. б. түтүгү*); **ствол пулемёта** пулемёттун стволу; **3.** *архит.* ствол (*колоннанын ортолук бөлүгү*); **4.** *горн.* ствол (*шахтанын төбөсүнөн түбүнө чейинки тик бөлүгү*); **5.** *анат.* ствол (*кан тамырларынын жана денении башка бөлүктөрүнүн түтүккө окшош таралышы*).

**СТВОЛОВО'Й,** -ая, -ое **1.** *см.* **ствольный** I; **2. ствол** 4-*кө т.*

**СТВО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1. ствол** 1-*ге т.*; сөңгөктүк; **ствольная часть дерева** жыгачтын сөңгөктүк бөлүгү, жыгачтын сөңгөк жагы; **2.** *воен.* стволдук; **3. ствол** 5-*ке т.*

**СТВОР** *м.* **1.** *см.* **створка; 2.** створ (*карап турган кишинин көзүнөн алыстоочу түз сызыктагы эки предметтин көрүнүшү*).

**СТВОРА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **створожить.**

**СТВОРА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **створожиться; 2.** *страд.* **к створаживать.**

www.bizdin.kg

**СТВО'РКА** *ж.* эки жакка ачылма (*эшиктин же терезе капкагынын бир жагы*); **ство́рки ста́вен** терезенин эки жакка ачылма капкактары.

**СТВОРО'ЖИТЬ** *сов. что* быштакка айландыруу; **створо́жить молоко́** сүттү быштакка айландыруу.

**СТВОРО'ЖИТЬСЯ** *сов.* быштакка айлануу, быштак болуп калуу.

**СТВО'РЧАТЫЙ**, -ая, -ое эки жакка ачылма (*мис. эшик, терезе*).

**СТЕАРИ'Н** *м.* стеарин (*мом шам чыгарууда колдонулуучу зат*).

**СТЕАРИ'НОВЫЙ**, -ая, -ое **стеарин**-*ге т.*; **стеари́новые све́чи** стеариндеп жасалган шам; **стеари́новый заво́д** стеарин заводу.

**СТЕ'БЕЛЬ** *м.* **1.** (*часть растения*) сабак; **сте́бель цветка́** гүлдүн сабагы; **2.** (*тонкая, маленькая веточка*) сабак; **сте́бель листа́** жалбырактын сабагы.

**СТЕ'БЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **стебель**-*ге т.*; **сте́бельная ткань** сабак ткани.

**СТЕБЕ'ЛЬЧАТЫЙ**, -ая, -ое сабактуу.

**СТЕБЛЕВА'НИЕ** *ср. бот.* сабак чыгаруу.

**СТЕБЛИ'СТЫЙ**, -ая, -ое сабактуу.

**СТЁГАНКА** *ж. разг.* кабып тигилген чолок жылуу кийим.

**СТЁГАНЫЙ**, -ая, -ое кабылган, кабып тигилген; **стёганое одея́ло** кабылган жууркан.

**СТЕГА'ТЬ** I *несов. кого-что, по чему* (*хлестать*) сабоо (*камчы, чыбык сыяктуу ийилгич нерсе менен*).

**СТЕГА'ТЬ** II *несов. что* (*о шитье*) кабуу, кабып тигүү; **стега́ть одея́ло** жууркан кабуу.

**СТЕГНУ'ТЬ** *однокр. кого-что, по чему* чаап жиберүү; **стегну́ть ло́шадь плётью** атты камчы менен чаап жиберүү.

**СТЁЖКА** I *ж.* **1.** (*действие*) кабуу, кабып тигүү; **производи́ть стёжку одея́ла** жуурканды кабып тигүү; **2.** (*прошитое место*) кабылган жер; **кру́пная стёжка** чоң-чоң кабып тигилген жер.

**СТЁЖКА** II *ж. обл.* (*тропинка*) жалгыз аяк жол.

**СТЕЖО'К** *м.* тигиш; **шить ме́лкими стежка́ми** майда тептип тигүү.

**СТЕЗЯ'** *ж. уст.* жол; **стезёю пра́вды** чындыктын жолу менен.

**СТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **стечь.**

**СТЕКА'ТЬСЯ** *несов. см.* **сте́чься.**

**СТЕКЛЕНЕ'ТЬ** *несов.* (*о глазах*) жансыз болуп тунаруу (*көз жөнүндө*).

**СТЕКЛО'** *ср.* айнек; **ма́товое стекло́** тунук эмес айнек, күңүрт айнек; **увеличи́тельное стекло́** чоңойтуп көрсөтүүчү айнек; **зерка́льное стекло́** күзгүлүк айнек; **ла́мповое стекло́** лампанын шишеси; **вста́вка стёкол** айнек коюу.

**СТЕКЛОВА'Р** *м.* айнек кайнатуучу.

**СТЕКЛОВАРЕ'НИЕ** *ср.* айнек кайнатуу.

**СТЕКЛОВИ'ДНЫЙ**, -ая, -ое айнек сыяктуу, айнек өңдүү; **стекловидный ка́мень** айнек сыяктуу таш.

**СТЕКЛО'ГРАФ** *м.* стеклограф (*күңүрт айнектин бетине көчүрүлгөн жазууну басып чыгаруучу прибор*).

**СТЕКЛОГРАФИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* стеклографта басып чыгаруу.

**СТЕКЛОГРАФИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **стеклография**-*га т.*, стеклографиялык; **стеклографи́ческий спо́соб печа́тания** басуунун стеклографиялык жолу.

**СТЕКЛОГРА'ФИЯ** *ж.* **1.** (*печатание на стеклографе*) стеклографта басуу, стеклографта басып чыгаруу; **2.** (*предприятие*) стеклография ишканасы.

**СТЕКЛОДУ'В** *м.* айнек үйлөгүч.

**СТЕКЛОДУ'ВНЫЙ**, -ая, -ое **стеклодув**-*га т.*; айнек үйлөөчү; **стеклоду́вный прибо́р** айнек үйлөөчү прибор; **стеклоду́вный заво́д** айнек үйлөөчү завод.

**СТЕКЛОЗАВО'Д** *м.* айнек заводу.

**СТЕКЛОРЕ'ЖУЩИЙ**, -ая, -ее айнек кесүүчү; айнек кескич; **стеклоре́жущий инструме́нт** айнек кесүүчү аспап.

**СТЕКЛОРЕ'З** *м.* **1.** (*рабочий*) айнек кескич; **2.** (*инструмент*) айнек кескич.

**СТЕКЛЯ'ННИЦА** *ж. зоол.* жалтырак канат (*жемиш бактарына зыян келтирүүчү көпөлөк*).

**СТЕКЛЯ'ННЫЙ**, -ая, -ое **1. стекло**-*го т.*; айнектүү; **стекля́нная ма́сса** айнектүү масса; **стекля́нная ва́за** айнектен жасалган ваза; **2.** *см.* **стеко́льный; 3.** *перен.* (*невыразительный, неподвижный — о глазах*) өлүңкү, жансыз (*көз караш*); ◇ **стекля́нная бума́га** айнектүү кагаз (*бетине айнектин күкүмү жабыштырылган жыгач сүргүч кагаз*).

**СТЕКЛЯ'РУС** *м.* стеклярус (*кооздук үчүн колдонулуучу майда айнек түтүкчөлөр*).

**СТЕКЛЯ'РУСНЫЙ**, -ая, -ое **стеклярус**-*ка т.*; стеклярустук; **стекля́русное произво́дство** стекля́рустук өндүрүш.

**СТЕКЛЯ'ШКА** *ж. разг.* айнектен жасалган майда буюм, айнектин сыныгы.

**СТЕКО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **стекло**-*го т.*; **стеко́льный заво́д** айнек заводу.

**СТЕКО'ЛЬЩИК** *м.* **1.** айнекчи (*айнек заводунун жумушчусу*); **2.** терезечи (*терезеге айнек салуучу*).

**СТЕЛИ'ТЬ** *несов. прост. см.* **стлать.**

**СТЕЛЛА'Ж** *м.* стеллаж (**1.** *бир нече кабаттуу текче*; **2.** *бир нерсени тикесинен коюп сактоо үчүн арналган орун*).

**СТЕ'ЛЬКА** *ж.* батек; ◇ **пьян как сте́лька** ылжыган мас.

**СТЕ'ЛЬНАЯ: сте́льная коро́ва** бооз уй.

**СТЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* бооздук (*уй жөнүндө*).

**стелю́, сте́лешь** *и т. д. наст. вр. от* **стлать.**

**стелю́сь, сте́лешься** *и т. д. наст. вр. от* **стла́ться.**

**СТЕМНЕ'ТЬ** *сов. безл.* караңгы түшүү, каш караюу, көз байлануу; **уже́ стемне́ло** караңгы түшүп калды.

**СТЕНА'** *ж.* **1.** (*комнаты*) дубал, стена; **капита́льная стена́** капиталдык стена; **2.** (*высокая ограда*) дубал, стена; **крепостна́я стена́** крепосттун дубалы; **Кремлёвская стена́** Кремлдин стенасы; **3.** *перен.* (*препятствие*) арасына түшкөн тоскоол; арасына түшкөн от; **ме́жду ни́ми вы́росла стена́** алардын ортосуна от түштү; ◇ **под стена́ми Москвы́** *перен.* Москванын алдында; **в четырёх стена́х** үйгө камалып, үйдөн чыкпай; **как за ка́менной стено́й** аттай арка, тоодой медер кылып; **наде́яться как на ка́менную стену́** аттай арка, тоодой медер кылуу; **как об сте́ну горо́х** *разг.* кулагына кум куйгандай; **на́ стену лезть** *разг.* ээ-жаа бербөө, долулануу; **прижа́ть (припере́ть) к стене́** кысмакка алып айласын кетирүү; **стена́ в сте́ну (жить)** *разг.* ирегелеш болуу, жанаша жашоо.

**СТЕНА'НИЕ** *ср. уст.* онтоо, катуу онтоо.

**СТЕНА'ТЬ** *несов. уст.* онтоо, катуу онтоо.

**СТЕНГАЗЕ'ТА** *ж.* (стенна́я газе́та) дубал газетасы.

**СТЕНД** *м.* стенд (**1.** *тех. заводдо даяр машиналарды сыноого арналган орун*; **2.** *буюмдарды көрсөтүү үчүн, тамдын бооруна кадалып коюлган чоң щит*).

**СТЕ'НКА** *ж.* **1.** *см.* **стена́** I; **2.** (*боковая сторона, оболочка*) каптал; **сте́нки я́щика** ящиктин бооруу, капталы; **сте́нки желу́дка** карындын капталдары; **3.** *спорт.* тыгыз турган катар.

**СТЕННО'Й**, -а́я, -о́е **стена** 1, 2-*ге т.*; **стенны́е часы́** дубал саат, асма саат; **стенно́й календа́рь** асма календарь, дубал календары; **стенна́я жи́вопись** дубалга тартылган сүрөт; **стенна́я газе́та** дубал газетасы.

**СТЕНОБИ'ТНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* сепил бузгуч; **стенобитное ору́дие** сепил бузгуч курал.

**СТЕНОГРА'ММА** *ж.* стенограмма (*стенограммалык жазуу*); **стеногра́мма докла́да** докладдын стенограммасы.

**СТЕНОГРА'ММНЫЙ**, -ая, -ое **стенограмма**-*га т.*; стенограммалык; **стеногра́ммный материа́л** стенограммалык материал.

www.bizdin.kg

**СТЕНОГРАФИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* стенографиялоо; **стенографировать прения** жарыш сөздү стенографиялоо.

**СТЕНОГРАФИ'СТ** *м.* стенографист (*стенография менен жазууга специалист*).

**СТЕНОГРАФИ'СТКА** *женск. р. к* **стенографист**; стенографистка.

**СТЕНОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **стенография**-*га т.*; стенографиялык; **стенографический знак** стенографиялык белги; **стенографический отчёт** стенографиялык отчёт.

**СТЕНОГРА'ФИЯ** *ж.* стенография (*сүйлөнгөн речти өзгөчө бир белгилердин жардамы менен тез жазуу жолу*).

**СТЕНОКАРДИ'Я** *ж. мед.* стенокардия (*жүрөк оорусунун бир түрү*).

**СТЕ'НОПИСЬ** *ж. жив.* дубал бетине тартылган сүрөттөр.

**СТЕ'НЬГА** *ж. мор.* стеньга (*мачтага коюлуучу тик устун*).

**СТЕПЕ'ННО** *нареч.* оор басырыктуу түрдө, оор басырыктуулук менен, салабаттуулук менен, салмактуулук менен; **степенно поздороваться** оор басырыктуулук менен саламдашуу.

**СТЕПЕ'ННОСТЬ** *ж.* оор басырыктуулук, салабаттуулук, салмактуулук.

**СТЕПЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*рассудительный, серьёзный*) оор басырыктуу, салабаттуу, салмактуу; **степенный человек** оор басырыктуу киши; 2. (*немолодой*) улгайган; 3. (*медлительно-важный*) оор басырык менен, салмак менен болгон, **степенный поклон** салмак менен баш ийүү (*саламдашууда*)

**СТЕ'ПЕНЬ** *ж.* 1. (*мера, сравнительная величина*) деңгээл, даража; **степень мастерства** усталык даражасы; **степень культурности** маданияттуулуктун деңгээли; **в высшей степени** жогорку даражада; барып турган; **в значительной степени** бир кыйла даражада; **в равной степени** бирдей; **в известной степени** *или* **в некоторой степени** белгилүү даражада; **до последней степени** абдан, аябай; **ни в малейшей степени** *или* **ни в какой степени** такыр андай эмес; **до такой степени** ушунчалык; 2. *мат.* даража; **возвести в степень** даражага көтөрүү (*өзүн өзүнө көбөйтүү*); **показатель степени** даражаны көрсөткүч; 3. (*звание*) даража, **учёная степень** илимий даража; **присудить учёную степень** илимий даража берүү; **степень доктора** доктордук даража; 4. *грам.* даража; **степени сравнения** салыштыруу даражалары; **сравнительная степень** салыштырма даражасы; **превосходная степень** күчөтмө сын атооч.

**СТЕПНО'Й,** -ая, -ое **степь**-*ке т.*; **степная полоса** талаа тилкеси; **степная растительность** талаа өсүмдүктөрү.

**СТЕПНЯ'К** *м.* 1. (*житель степи*) талаада жашоочу киши; 2. (*порода лошади*) талаа жылкысы (*талаада, чөлдө жүрүүгө көнгөн жылкынын бир тукуму*).

**СТЕПЬ** *ж.* талаа, чөл.

**СТЕ'РВА** *ж.* 1. *уст.* тарп; 2. *перен. бран.* ант ургур, шерменде.

**СТЕРВЕ'Ц** *м. бран.* ант ургур, шерменде.

**СТЕРВЯ'ТНИК** *м. зоол.* тарпчыл (*тарп жегич жаныбар, мис. жору, кузгун*).

**СТЕРЕО=** *татаал сөздүн биринчи бөлүгү; бул —«стереоскоптук» деген маанини билдирет; мис.* **стереоскоп** стереоскоп.

**СТЕРЕОКИНО'** *ср.* (стереоскопическое кино) стереокино (*сүрөттөрдү жалпак эмес, дөмпөйтүп көрсөтүүчү кино*).

**СТЕРЕОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **стереометрия**-*га т.*

**СТЕРЕОМЕ'ТРИЯ** *ж.* стереометрия (*геометриянын бир жалпактыкта жатпаган фигураларды текшерүүчү бөлүмү*).

**СТЕРЕОСКО'П** *м.* стереоскоп (*сүрөттөрдү дөмпөйтүп көрсөтүүчү оптикалык аспап*).

**СТЕРЕОСКОПИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **стереоскоп**-*ко т.*; стереоскоптук; **стереоскопическая труба** стереоскоптук труба.

**СТЕРЕОТИ'П** *м. полигр.* стереотип (*кайрадан чыгаруу үчүн же көп тираждар үчүн арналып терилген набордун көчүрмөсү түшүрүлгөн цилиндр же пластинка*).

**СТЕРЕОТИПИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, полигр.* стереотиптөө (*стереотип алуу, стереотип даярдоо*).

**СТЕРЕОТИ'ПИЯ** *ж. полигр.* стереотипия, стереотиптөө (*стереотиптерди даярдоо жана алардан басуу жолу*).

**СТЕРЕОТИ'ПНЫЙ,** -ая, -ое 1. **стереотип**-*ке*, **стереотипия**-*га т.*; стереотиптик; **стереотипное издание** стереотиптик басып чыгаруу; 2. *перен.* кайталанма (*өзгөртпөй эле кайталана берген*); **стереотипная фраза** кайталанма сөз, айтыла жүргөн сөз.

**СТЕРЕОХИ'МИЯ** *ж.* стереохимия (*органикалык химиянын бөлүкчөлөрдүн орун алышына байланыштуу химиялык биригүүлөрдүн касиеттерин үйрөнүүчү бир бөлүмү*).

**СТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* 1. сүртүү, аарчуу, сүртүп таштоо; **стереть пыль со стола** столдогу чаңды сүртүү; 2. өчүрүү; **стереть резинкой** резинка менен өчүрүү; 3. *перен.* жазуу, жок кылуу, таркатуу, изин жоготуу; **время стёрло обиду** көп убакыт өткөндүктөн таарыныч жазылып калды; 4. (*повредить трением*) жооруттуу, сүрүп алуу; **он стёр ногу во время ходьбы** ал басып жүрүп бутун жоорутуп алды; 5. (*растирая измельчить*) сүрүп майдалоо, талкан кылуу, күкүмдөө; **стереть в порошок** 1) сүрүп ундай кылып майдалоо, 2) *перен.* таш-талканын чыгаруу, ◇ **стереть с лица земли** жер менен жексен кылуу.

**СТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*исчезнуть с поверхности*) өчүү, өчүп жок болуп кетүү, сүрүлүп өчүү; **краски на рисунке стёрлись** сүрөттөгү боек өчүп кетиптир; **надпись стёрлась** жазуу өчүп калыптыр, 2. *перен.* (*пропасть*) жок болуп кетүү; **воспоминание стёрлось** эстелик эстен чыгып кетиптир; 3. жышылуу, жукаруу, жукарып кетүү; **монета стёрлась** тыйын жукарып кетти; **кольцо стёрлось** шакек жышылып кетти.

**СТЕРЕ'ЧЬ** *несов. кого-что, разг.* 1. (*охранять, караулить*) коруу, кайтаруу, көз болуп туруу; **стеречь стадо** малды кайтаруу; 2. (*подстерегать*) аңдуу, аңдып туруу, өңүү; **стеречь медведя** аюуну аңдуу.

**СТЕ'РЖЕНЬ** *м.* 1. стержень (*ок, киндик, өзөк*); 2. *перен.* (*основа*) негиз, маңыз; **стержень всей работы** бардык жумуштун негизи.

**СТЕРЖНЕВО'Й,** -ая, -ое 1. стержендүү; **стержневой трансформатор** стержендүү трансформатор; 2. *перен.* негизги; **стержневая проблема** негизги проблема.

**СТЕРИЛИЗА'ТОР** *м.* стерилизатор (*стерилизация үчүн колдонулуучу аппарат*).

**СТЕРИЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* 1. (*обеззараживание*) стерилизация (*бир нерсени зыянсыз кылуу максаты менен андагы микробдорду жоюу*); **стерилизация бинтов** бинттерди стерилизациялоо; 2. *мед.* (*искусственное обеспложивание*) бычуу, стерилизация кылуу (*атайын операция жасоо аркылуу адамдын жыныстык органын урuксуздандыруу*).

**СТЕРИЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов.* 1. *что* стерилизациялоо, стерилизация кылуу; 2. *кого* бычуу, стерилизация кылуу.

**СТЕРИЛИЗОВА'ТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* стерилизациялануу (*мис. хирургдун инструменти*); 2. *несов. страд. к* **стерилизовать**.

**СТЕРИ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* стерилизациялангандык, стерилизация кылынгандык, тазалангандык; **стерильность перевязочных материалов** таңуучу материалдардын стерилизациялангандыгы (*мис. бинт ж. б.*).

**СТЕРИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*обеззараженный*) стерилизацияланган, тазартылган; **стерильная вата** стерилизацияланган кебез; 2. *биол.* (*бесплодный*) бычылган.

**СТЕ'РЛИНГ** *м.*: **фунт стерлингов** фунт стерлинг (*Англияда акча единицасы*).

www.bizdin.kg

**СТЕ'РЛЯДЬ** *ж.* стерлядь (*осётр түркүмүнө кирүүчү балыктын бир түрү*).

**СТЕРЛЯ'ЖИЙ**, -ья, -ье **стерлядь**-*га т.*; **стерляжья уха** стерляддан жасалган сорпо.

**СТЕРНЬ** *ж.* **1.** (*сжатое поле*) аңыз; **2.** *собир.* (*остатки стеблей после жатвы*) мая, пая (*мис. гозо пая*).

**СТЕРНЯ'** *ж. см.* **стернь.**

**СТЕРПЕ'ТЬ** *сов. что* чыдоо, чыдамдык кылуу; **не стерпеть обиды** ызалыкка чыдай албай кетүү.

**СТЕРПЕ'ТЬСЯ** *сов. с чем, разг.* чыдап көнүү, көнүп кетүү; ◇ **стéрпится — слю́бится** *посл.* көнүшкөндөн кийин сүйүшүп кетишет.

**СТЕРТЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **стерéть; 2.** *прил.* (*повреждённый трением*) жышылган; **стёртая монéта** жышылган тыйын.

**СТЕСА'ТЬ** *сов. что* чаап жонуу, копшоо; **стесáть конéц бревнá** устундун учун чаап жонуу.

**СТЕСНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*сжатие*) кысышуу, сыгуу; **2.** (*ограничение*) кысуу, кысылуу, чектөө, оор абалга салуу; **стеснéние в правáх** укуктарын чектөө; **3.** (*затруднительность дыхания*) кысылуу, кыстыгуу; **чу́вствовать стеснéние в груди́** көкүрөгү кыстыгуу, жүрөгү кысылуу; **4.** (*неловкость*) тартынуу, уялуу; **без вся́кого стеснéния** эч кандай уялбастан; эч бир тартынбастан.

**СТЕСНЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **стесни́ть; 2.** *прил.* (*затруднённый*) кыстыккан, кысталган; **стеснённое дыхáние** кыстыккан дем; ◇ **быть в стеснённых обстоя́тельствах** кысталыш шартта болуу.

**СТЕСНИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* **1.** (*затруднительность*) кысталыштык, оордук келе тургандык, кыйындык, мүшкүлдүк; **стесни́тельность положéния** абалдын кысталыштыгы; **2.** (*застенчивость*) уялчаактык, уяңдык, тартынчаактык.

**СТЕСНИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*затруднённый*) кысталыш, оордук келе турган, кыйын, мүшкүл; **стесни́тельные обстоя́тельства** кысталыш кырдаалдар; **2.** (*застенчивый*) уялчаак, уяң.

**СТЕСНИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*сжать*) кысуу, сыгуу; **2.** *кого-что* (*ограничить*) кысуу, чектөө; **стесни́ть в срéдствах** каражат жагынан чектөө; **3.** *что, перен.* кысуу; **предчу́вствие стесни́ло сéрдце** бир нерсени сезгендик жүрөктү кысты.

**СТЕСНИ'ТЬСЯ** *сов.* кысылышуу, сыгылышуу; **стесни́ться у вхóда в парк** паркка (бакка) кире бериш жерде сыгылышуу.

**СТЕСНЯ'ТЬ** *несов. см.* **стесни́ть.**

**СТЕСНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **стесни́ться; 2.** (*смущаться*) уялуу, тартынуу; **он стесняéтся незнакóмых людéй** тааныбаган кишилерден ал уялат; **3.** *страд. к* **стесня́ть.**

**СТЁСЫВАТЬ** *несов. см.* **стесáть.**

**СТЕТОСКО'П** *м. мед.* стетоскоп (*жүрөк жана өпкөнү тыңшоого арналган түтүк*).

**СТЕТОСКОПИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **стетоскоп**-*ко т.*; **стетоскопи́ческое исслéдование больнóго** оору кишини стетоскоп менен тыңшап текшерүү.

**СТЕЧЕ'НИЕ** *ср.* каптоо, каптап келүү, жыйналуу, топтолуу; **стечéние нарóда на плóщади** аянтка элдин каптап келиши; ◇ **стечéние обстоя́тельств** кырдаалдардын айкалышы.

**СТЕЧЬ** *сов.* агуу, агып кетүү, агып түшүү; **водá стеклá в канáву** суу арыкка агып түштү.

**СТЕ'ЧЬСЯ** *сов.* **1.** агып кошулушуу, куюлушуу; **ручьи́ стекли́сь в рекý** булактар агып кошулуп дайра (өзөн) болду, **2.** *перен.* (*сойтись в одно место, скопиться*) топтолуу, жыйналуу, чогулуу; **к мéсту откры́тия пáмятника стекли́сь тóлпы нарóда** эстеликти ачкан жерге туш-туштан көп эл жыйналды.

**СТИ'БРИТЬ** *сов. что, прост.* кымырып кетүү, уурдоо.

**СТИЛЕ'Т** *м.* стилет (*уч кырдуу кичине канжар*).

**СТИЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*действие*) стилизация кылуу, стилизациялоо, стилдештирүү, белгилүү бир стилге келтирүү; **2.** (*стилизованное произведение*) стилдештирилген чыгарма (*бир стилге келтирилген*); **э́тот расскáз — стилизáция ру́сской скáзки** бул аңгеме — орус жомокторунун стилдештирилиши.

**СТИЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* стилге салуу, белгилүү бир стилге келтирүү.

**СТИЛИ'СТ** *м.* стилист, стилчи, стиль устасы (*адабият стилинин искусствосун билүүчү киши*).

**СТИЛИ'СТИКА** *ж.* стилистика (*речтин стили жөнүндөгү окуу*).

**СТИЛИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **стиль** I-*ге*, **стилистика**-*га т.*; стилистикалык; **стилисти́ческая оши́бка** стилистикалык ката.

**СТИЛЬ** *м.* **1.** стиль (*бир сүрөтчүнүн, замандын же улуттун чыгармаларына таандык болгон көркөмдүк каражаттардын жыйындысы*); **стиль в иску́сстве** искусстводогу стиль; **писáть хорóшим сти́лем** жакшы стиль менен жазуу; **2.** (*летосчисление*) стиль; *см.* **летосчислéние; по нóвому сти́лю** жаңы стиль боюнча.

**СТИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое стилдүү (*белгилүү бир стилде жасалган*); **сти́льная мéбель** стилдүү мебель.

**СТИ'МУЛ** *м.* стимул (*түрткү берүүчү, демилге туудуруучу себеп*).

**СТИМУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* стимулдаштыруу (*демилге туудуруу*); **стимули́ровать разви́тие живóтновóдства** мал чарбачылыгынын өнүгүшүн стимулдаштыруу.

**СТИПЕНДИА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **стипендия**-*га т.*; стипендиялык; **стипендиáльный фонд** стипендиялык фонд, стипендия фондусу.

**СТИПЕНДИА'Т** *м.* стипендия алуучу; **студéнт-стипендиáт** стипендия алуучу студент.

**СТИПЕНДИА'ТКА** *женск. р. к* **стипендиáт;** стипендиатка.

**СТИПЕ'НДИЯ** *ж.* стипендия; **получáть стипéндию** стипендия алуу.

**СТИ'ПЛЕР** *м. спорт.* стиплер (*чаап баратканда тосколдордон токтоссуз өтүүгө атайын үйрөтүлгөн ат*).

**СТИРА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кир жууй турган; **стирáльная доскá** кир жууй турган тактайча; **стирáльная маши́на** кир жууй турган машина.

**СТИ'РАНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*чистый*) жуулган; **2.** (*подвергавшийся стирке*) жуулган (*жаңы эмес, мис. көйнөк*).

**СТИРА'ТЬ** I *несов. см.* **стерéть.**

**СТИРА'ТЬ** II *несов. что* жууш, кир жууш; **стирáть бельё** ич кийимди жууш.

**СТИРА'ТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **стерéться; 2.** *страд. к* **стирáть** I.

**СТИРА'ТЬСЯ** II *несов.* **1.** (*отмываться*) жуулуу; **бельё хорошó стирáется в тёплой водé** жылуу сууда кир жакшы жуулат; **2.** *страд. к* **стирáть** II.

**СТИ'РКА** *ж.* жууш, кир жууш; **отдáть бельё в сти́рку** кирди жуушка берүү.

**СТИ'СКИВАТЬ** *несов. см.* **сти́снуть.**

**СТИ'СКИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **сти́снуться; 2.** *страд. к* **сти́скивать.**

**СТИ'СНУТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*сдавить*) кысуу, кысып коюу, кыпчуу, сыгуу; **сти́снуть рýку** колду кысуу, колду кысып коюу; **сти́снуть дрýга в объя́тиях** досун кучактап кысуу; **2.** (*прижать одно к другому*) кысып тийиштирүү (*эки нерсени*); **сти́снуть зу́бы** тиштенүү.

**СТИ'СНУТЬСЯ** *сов.* кысылышып тийишүү.

**СТИХ** I *м.* ыр; **размéр стихá** ырдын өлчөмү.

**СТИХ** II *м. нескл. разг.* (*настроение*) көңүл, кейп; **какóй стих ещё на негó найдёт** анын көңүлү кандай болор экен десең.

**СТИХА'НИЕ** *ср.* басаңдоо, акырындоо.

**СТИХА'ТЬ** *несов. см.* **сти́хнуть.**

www.bizdin.kg

**СТИХИ'ЙНОСТЬ** *ж.* стихиялуулук (*чаржайыттык; өзүнөн өзү, уюшпаган түрдө болуучулук*).

**СТИХИ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое стихиялык, стихиялуу (*жаратылыш, табият күчтөрүнүн натыйжасында болуп чыккан*); **стихи́йное явле́ние** стихиялык кубулуш; **стихи́йное бе́дствие** стихиялуу кырсык.

**СТЯЖА'ТЬ** *сов. и несов. что* жетишүү, алуу, ээ болуу; тырышып издөө, издеп табуу; **стяжа́ть сла́ву** даңкка жетишүү, даңкка ээ болуу.

**СТЯНУ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*туго перевязать*) куушура тартып байлоо, катуу тартып байлоо; **стяну́ть та́лию ремнём** белди кур менен куушура тартып байлоо; 2. *что* (*собрать в одно место*) чогултуу, топтоо, жыйноо; **стяну́ть войска́ к перепра́ве** аскерди кечүүгө чогултуу; 3. *что, мат.* (*соединить концы*) тартып жеткирүү, жетиштирүү, улаштыруу, туташтыруу; **стяну́ть дугу́ хо́рдой** жааны хорда менен улаштыруу (жакындаштыруу); 4. *кого-что* (*снять, стащить*) сыйруу, сыйрып алуу, тартып кетүү, тартып алуу; **стяну́ть ска́терть со стола́** столдун үстүнөн дасторконду тартып алуу; 5. *кого-что, разг.* (*украсть*) кымтып кетүү, кымырып алуу.

**СТЯНУ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *разг.* (*сжаться, укоротиться*) кирүү, жыйрылуу, жыйылуу, бырышуу; **намо́кший плато́к стяну́лся** суу болгон жоолук кирип кетти; 2. *разг.* (*туго подпоясаться*) куушура курчануу, белди катуу тартып курчануу, катуу курчанып алуу; 3. (*собраться в одно место*) бир жерге чогулуу (токтолуу, жыйылуу).

**СУБАРКТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое *геогр.* субарктикалык; **субаркти́ческая зо́на** субарктикалык зона (*түндүк зонасы*).

**СУББО'ТА** *ж.* ишенби.

**СУББО'ТНИЙ**, -яя, -ее **суббота**-*га т.*; **суббо́тний день** ишенби күн.

**СУББО'ТНИК** *м.* ишенбилик (*эмгекчилердин өз ыктыярлары менен жумушчу күнүнөн башка күндөрдө көпчүлүктүн пайдасы үчүн коллективдүү түрдө иштеген иштери*).

**СУБВЕ'НЦИЯ** *ж. эк.* субвенция (*мамлекет тарабынан чарбанын айрым тармактарына, ишканаларга жана анын өзөлерине берилүүчү финансылык жардам*).

**СУБЛИМА'Т** *м. хим.* субли́мат (*сублимациядан чыккан нерсе*).

**СУБЛИМА'ЦИЯ** *ж. хим.* сублимация, сублимация кылуу (*затты ысыткан кезде анын катуу абалдан түпадан түура газга айланышы*).

**СУБЛИМИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, хим.* сублимация кылуу.

**СУБОРДИНА'ЦИЯ** *ж.* субординация (*кызматта кенжелердин чоңдорго кыңк этпей баш ийүүсү*).

**СУБСИДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* субсидия берүү, акчалай карыз берүү, акчалай жардам берүү.

**СУБСИ'ДИЯ** *ж.* субсидия (*жардамга берилө турган акча*).

**СУБСТАНТИВА'ЦИЯ** *ж. лингв.* субстантивация (*башка сөз түркүмдөрүнүн зат атоочко айланышы*).

**СУБСТАНТИВИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, лингв.* субстантивациялоо.

**СУБСТАНТИ'ВНЫЙ** I, -ая, -ое *лингв.* субстантивдик (*зат атоочтордун түркүмдөрүнө кирүүчүлөр*).

**СУБСТАНТИ'ВНЫЙ** II, -ая, -ое субстантивдүү (*өз алдынча, көз каранды болбой аракеттенүүчү*).

**СУБСТА'НЦИЯ** *ж. филос.* субстанция (*бардык заттардын жана көрүнүштөрдүн алгачкы негизи, мазмуну*).

**СУБСТРА'Т** *м.* субстрат (1. *филос. көрүнүштүн жалпы негизи*; 2. *биол. микроорганизмдер өнүгө турган азыктандыруучу чөйрө*).

**СУБТИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое тараз, назик, ичке.

**СУБТРО'ПИКИ** *только мн. геогр.* субтропиктер (*тропиктерге чектеш жер*; *бул жерлерде кыш жылуу, жумшак болуп, өсүмдүктөр жыл бою көгөрүп тура берет*).

**СУБТРОПИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое субтропиктик; **субтропи́ческий кли́мат** субтропиктик климат.

**СУБЪЕ'КТ** *м.* 1. *филос.* субъект (*таануунун объектиси катарында болгон сырткы дүйнөгө карама-каршы турган, сырткы дүйнөнү таануучу, билүүчү аракеттеги жаныбар*); 2. (*человек*) субъект, киши; **боле́зненный субъе́кт** оорулуу киши; 3. *грам.* субъект (*ээ, сүйлөмдөгү ээ*).

**СУБЪЕКТИВИ'ЗМ** *м.* 1. *филос.* субъективизм (*объективдүү реалдуу дүйнөнүн адамдын аң-сезимине көз каранды эместигин тануучу, философиядагы илимге карты болгон багыт*); 2. (*пристрастное отношение*) субъективизм (*калыстыгы жок мамиле*); **в его́ мне́ниях мно́го субъективи́зма** анын айткан оюнда субъективизм көп.

**СУБЪЕКТИВИ'СТ** *м.* субъективист (*субъективизмди жактоочу киши*).

**СУБЪЕКТИВИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое субъективисттик.

**СУБЪЕКТИ'ВНО** *нареч.* субъективдик менен, өз пикиринче (*башканын пикири менен эсептешпөө*); **оцени́ть субъекти́вно** субъективдик менен баалоо (*калыстык менен эмес*).

**СУБЪЕКТИ'ВНОСТЬ** *ж.* субъективдүүлүк; **субъекти́вность взгля́дов** көз караштардын субъективдүүлүгү.

**СУБЪЕКТИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*присущий данному лицу*) субъективдүү (*жеке бир кишиге таандык*); **субъекти́вные пережива́ния** субъективдүү сезүү (*кайгыруу же кубануу*); 2. (*пристрастный*) субъективдик (*калыстыгы жок*); **субъекти́вная оце́нка** субъективдик баалоо (*калыс эмес*); 3. *кратк. форма в знач. сказ.* субъективдик; **э́то поня́тие субъекти́вно** бул субъективдик түшүнүк.

**СУБЪЕ'КТНЫЙ**, -ая, -ое **субъект** 1, 3-*кө т.*; субъекттик; **субъе́ктные отноше́ния** субъекттик мамилелер.

**СУВЕНИ'Р** *м. уст.* сувенир (*эстеликке берилген буюм; эстелик үчүн иштелген нерсе*).

**СУВЕРЕ'Н** *м. ист.* суверен (*жогорку бийликке ээ болуп турган башкаруучу*).

**СУВЕРЕНИТЕ'Т** *м. полит.* 1. (*право верховной власти*) суверенитет (*жогорку бийликтин укугу*); 2. (*независимость государства*) суверенитет, көз каранды эместик (*мамлекеттин өзүнүн ички иштеринде жана тышкы саясатында көз каранды эместиги*).

**СУВЕРЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое *полит.* суверенитеттүү (*көз каранды эмес*); **сувере́нные права́** суверенитеттүү укуктар; **сувере́нная власть** суверенитеттүү бийлик.

**СУВО'РОВЕЦ** *м.* суворовчу (*Суворов атындагы согуштук окуу жайында тарбияланып жаткан бала*).

**СУВО'РОВСКИЙ**, -ая, -ое **Суворов**-*го т.*; **суво́ровское вое́нное учи́лище** Суворов атындагы согуштук окуу жайы.

**СУГЛИ'НИСТЫЙ**, -ая, -ое чополуу жана кумдуу (*составында чопосу жана куму көбүрөөк*); **сугли́нистые по́чвы** чополуу жана кумдуу топурактар.

**СУГЛИ'НОК** *м.* составында чопо менен кум көбүрөөк болгон топурак.

**СУГРО'Б** *м.* касаба, күрткү (*кар*).

**СУГУ'БО** *нареч.* абдан, өтө, эң, эң эле, айрыкча; **сугу́бо ва́жный вопро́с** эң эле маанилүү маселе; **сугу́бо внима́тельно относи́ться** өтө көңүл коюп мамиле кылуу.

**СУГУ'БЫЙ**, -ая, -ое айрыкча, бөтөнчө; **оказа́ть** *кому-л.* **сугу́бое внима́ние** бирөөгө айрыкча көңүл буруу.

**СУД** *м.* 1. сот, суд; **наро́дный суд** эл соту, элдик сот; **верхо́вный суд** жогорку сот; **окружно́й суд** округдук сот; **това́рищеский суд** жолдоштук сот; **суд че́сти** ар-намыс соту, абийир соту; **находи́ться под судо́м** иши сотто болуу, сот

www.bizdin.kg

туу болуу; **предáть судý** сотко берүү; **вы́звать в суд** сотко чакыруу; 2. (*разбор дела*) сот, суд, ишти кароо; **в день судá** сот болгон күнү; **находи́ться под судóм** соттуу болуу, сот астында болуу; 3. (*мнение*) пикир; **вы́нести на суд общéственности** коомдун пикирине коюу; ◇ **на нет и судá нет** *погов.* жокко амал жок.

**СУДА'К** *м.* судак (*балыктын бир түрү*).

**СУДАКО'ВЫЙ**, -ая, -ое **судак**-*ка т.*

**СУДА'РЫНЯ** *ж. уст.* (*обращение*) айым (*аялга сылык түрдө кайрылганда*).

**СУ'ДАРЬ** *м. уст.* (*обращение*) таксыр, мырза (*эркекке сылык түрдө кайрылганда*).

**СУДА'ЧИТЬ** *несов. разг.* жок-барды (калп-чынды) айтып сүйлөшүү.

**СУДЕ'БНЫЙ**, -ая, -ое **суд** 1, 2-*ге т.*; соттук, суддук; **судéбное дéло** сот аркылуу чечилүүчү иш; **судéбные издéржки** сот чыгымы; **судéбное слéдствие** сот тергөөсү; **судéбный приговóр** сот өкүмү; **судéбный слéдователь** сот тергөөчүсү.

**СУДЕ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое **судья** 1, 3-*кө т.*; судьялык; **судéйская коллéгия** *спорт.* судьялык коллегия.

**СУДИ'МОСТЬ** *ж. юр.* соттуулук, соттуу болгондук; **снять суди́мость** соттуулугун алуу; **не имéть суди́мости** соттуу болбоо, соттолбоо.

**СУДИ'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* соттоо, сот кылуу, сотко тартуу, **суди́ть престýпника** кылмыштууну соттоо; 2. *о ком-чём, по кому-чему* калыстык кылуу, текшерүү, баа берүү, пикирлешүү, ойлоп көрүү, ойлонуштуруп көрүү; **суди́ть об э́том дéле** бул иш жөнүндө ойлоп көрүү; **суди́ть по внéшнему ви́ду** сырткы түрүнө карап баа берүү; **сýдя по всемý** бардык жагын эске алганда; **суди́те сáми** өзүңүз ойлоп көрүңүзчү, өзүңүз калыс болуңузчу; 3. *что кому-чему и с неопр.* (*предназначать*) насип болуу, насип кылуу, тагдырга жазылуу, буйруу; **мне не суждено́ встрéтиться с ним** аны менен жолугушууну мага буюрбаган экен; **так уж суждено́** тагдыр ушундай, таалай ушундай; 4. *кого-что, спорт.* калыстык кылуу, калыс болуу, текшерүү; ◇ **суди́ть да ряди́ть** *разг.* өйдө-ылдый сөздү айтып сүйлөшүү, көпкө талкуулоо.

**СУДИ'ТЬСЯ** *несов. с кем-чем* соттошуу, суддашуу.

**СУ'ДНО** I *ср.* (*мн.* **судá**) кеме; **плáвать на сýдне** кемеге түшүп суу да жүрүү.

**СУ'ДНО** II *ср.* (*мн.* **сýдна**) (*подкладной сосуд для больного*) судно, даарат идиши (*оорулуу адамдын алдына коюп заара кылдыруучу идиш*).

**СУДО-** *татаал сөздөрдүн «кеме», «пароход» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү.*

**СУДОВЕ'РФЬ** *ж.* кеме верфи (*кемелер жасоо жана аларды ремонттоо үчүн ылайыкталган жай*).

**СУДОВЛАДЕ'ЛЕЦ** *м.* кеме ээси, пароход ээси.

**СУДОВОДИ'ТЕЛЬ** *м.* кемени башкарып алып жүрүүчү, кеме айдоочу.

**СУДОВОЖДЕ'НИЕ** *ср.* кемени башкарып алып жүрүүчүлүк, кеме айдоочулук.

**СУДОВО'Й**, -áя, -óе **судно** I-*ге т.*; кемелик; **судовáя комáнда** кеменин командасы; **судовóй механи́зм** кеменин механизми.

**СУДО'К** *м.* судок (1. *мурч, туз, уксус, горчица салып коё турган идиштер бирге орнотулган туп*; 2. *тамак ташуучу идиш*).

**СУДОМО'ЙКА** *ж.* идиш жуугуч (*идиш жуугуч аял*).

**СУДОПРОИЗВО'ДСТВО** *ср. юр.* сот жүргүзүү, сот иштерин жүргүзүү.

**СУДОРЕМО'НТ** *м.* кеме ремонту.

**СУДОРЕМО'НТНЫЙ**, -ая, -ое кеме ремонттоочу; **судоремóнтная верфь** кеме ремонттоочу верфь.

**СУ'ДОРОГА** *ж.* тарамыш тартышуу, карышуу, тарамышы тырышуу.

**СУ'ДОРОЖНО** *нареч.* титиреп-калтырап, калтыратып; **сýдорожно схвати́ться** *за что-л.* калтырап барып бир нерсеге кармануу; **сýдорожно сти́снуть зýбы** титиреп-калтырап тиштенүү.

**СУ'ДОРОЖНЫЙ**, -ая, -ое титиреме, калчылдама, солкулдама; **сýдорожные рыдáния** калчылдап (солкулдап) ыйлоо.

**СУДОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* кеме куруу.

**СУДОСТРОИ'ТЕЛЬ** *м.* кеме куруучу.

**СУДОСТРОИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кеме куруучу; **судострои́тельный завóд** кеме куруучу завод.

**СУДОХО'ДНОСТЬ** *ж.* кеме жүрүүгө мүмкүндүк, кеме жүрүүгө ылайыктуулук, суунун тереңдиги; **судохóдность рек** дарыялардын кеме жүрүүгө ылайыктуулугу.

**СУДОХО'ДНЫЙ**, -ая, -ое кеме жүрө турган, кеме жүрүүгө ылайыктуу; **судохóдная рекá** кеме жүрүүгө ылайыктуу дарыя.

**СУДОХО'ДСТВО** *ср.* кеме жүргүзүү, кеме менен жүрүүчүлүк.

**СУДЬБА'** *ж.* 1. *уст.* (*рок*) тагдыр; 2. (*участь, доля*) тагдыр, насип, жазмыш, пешене; 3. (*будущность*) тагдыр, келечек, болочок; **дýмать о сýдьбах госудáрства** мамлекеттин тагдыры (болочогу) жөнүндө ойлоо; ◇ **каки́ми сýдьбами?** кайсы шамал айдап келди?, кантип, кандайча болуп?, кандайча келдиңиз?; **вóлею судéб** *разг. ирон.* тагдыр буйруп; **не судьбá емý** ага насип кылбаган экен, ага буюрбаган экен; **на произвóл судьбы́** эмне болсо ошо болсун деп, өз жайына коё берүү (*пешенесинен көрсүн деп кароосуз, жардамсыз таштап кетүү*).

**СУДЬЯ'** *м.* 1. судья; **нарóдный судья́** эл судьясы; 2. *перен.* сыноочу, бир нерсе жөнүндө пикирин айтуучу; **он хорóший судья́ в э́том дéле** бул ишти ал жакшы билет, бул иш жөнүндө ал туура пикир айталат; 3. *спорт.* судья.

**СУЕВЕ'РИЕ** *ср.* ырым-жырым, жок нерсеге ишенүү.

**СУЕВЕ'РНОСТЬ** *ж.* ырым-жырымга ишенгендик.

**СУЕВЕ'РНЫЙ**, -ая, -ое ырымчыл, жок нерсеге ишенүүчү; **суевéрный человéк** ырымчыл киши; **суевéрные примéты** ырым-жырымдын белгилери.

**СУЕТА'** *ж.* 1. (*тщетность*) убаракерчилик, бекеринен убараланып; 2. (*беготня, хлопоты*) кымкуут, ополоң-тополоң; ◇ **суетá сує́т** *см.* **суетá** 1.

**СУЕТИ'ТЬСЯ** *несов.* убара болуу, күйүп-бышып жүрө берүү, шашып-шушуп жан талашуу, жаны тынбоо; **онá суети́тся с утрá до вéчера** эртеден кечке ал аялдын жаны тынбайт, күйүп-бышып жүрө берет.

**СУЕТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* жаны тынбагандык, ыгы жок шашкалаңдагандык, тим тура албагандык.

**СУЕТЛИ'ВЫЙ**, -ая, -ое жаны тынбаган, тим тура албаган, ыгы жок шашкалаңдаган; **суетли́вый человéк** жаны тынбаган киши.

**СУ'ЕТНОСТЬ** *ж.* 1. (*беспокойность*) убаракерчилик, абыгерчилик, түйшүктүүлүк; 2. (*тщетность*) жөнү жоктук, кам кыялдык.

**СУ'ЕТНЫЙ**, -ая, -ое *уст.* 1. (*беспокойный*) убаралуу, абыгердүү, түйшүктүү; **сýетная жизнь** убаралуу турмуш; 2. (*тщетный*) курулай, жөнү жок; **сýетные надéжды** жөнү жок үмүт, кам кыял.

**СУЕТНЯ'** *ж. разг. см.* **суетá** 2.

**СУЖДЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*мнение*) ой, пикир, түшүнүк; **вы́сказать своё суждéние** өз пикирин айтуу; 2. *филос.* ойлоо, ой жүгүртүү, пикирдөө (*түшүнүктүн айкалышы болгон ойдун формасы, мында бири экинчисин белгилейт, ичат*).

**СУ'ЖЕНАЯ** *ж. уст.* (*невеста*) колукту.

**СУЖЕ'НИЕ** *ср.* тарытуу, тарылуу, тарылтуу, кичирейтилүү, ичкерүү, ичкертүү; **сужéние пищевóда** *мед.* кызыл өңгөчтүн тарышы (ичкериши).

**СУ'ЖЕНЫЙ** *м. уст.* (*жених*) күйөө (*үйлөнүүгө чейин гана*).

**СУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **сýзить**.

**СУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сýзиться**; 2. *страд. к* **сýживать**.

www.bizdin.kg

**сужу́, су́дишь** *и т. д. наст. вр. от* **суди́ть.**

**СУ'ЗИТЬ** *сов. что* 1. тарытуу, тарылтуу, ичкертүү; **су́зить во́рот** жаканы тарытуу; 2. *перен.* тарытуу; **су́зить значе́ние** маанисин тарытуу.

**СУ'ЗИТЬСЯ** *сов.* тарылуу, тарылтылуу, ичкерүү, кичирейтилүү.

**СУК** *м.* 1. (*ветка*) чоң бутак; 2. (*в доске*) бутак (*мис. тактайда*).

**СУ'КА** *ж.* канчык.

**СУ'КИН,** -а, -о **сука**-*га т.*; ◇ **су́кин сын (су́кина дочь, су́кины де́ти)** *бран.* иттин баласы.

**СУКНО'** *ср.* сукно, нооту; ◇ **положи́ть под сукно́** басып коюу, басып таштоо, басып салуу (*мис. арызды*); көрсөтпөй катып салуу; **лежа́ть под сукно́м** натыйжасыз, ишке ашпай жата берүү (*мис. токтом, арыз*).

**СУКНОВА'Л** *м.* сукно (нооту) баскыч (*сукно чыгаруу боюнча специалист*).

**СУКНОВА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **сукнова́льная маши́на** сукно басуучу машина.

**СУКНОВА'ЛЬНЯ** *ж.* сукно (нооту) басылуучу мастерская.

**СУКОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое бутактуу; **сукова́тая доска́** бутактуу тактай.

**СУКО'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. **сукно**-*го т.*; **суко́нные брю́ки** сукно шым; **суко́нная фа́брика** сукно фабрикасы; 2. *перен.* (*грубый, невыразительный*) чоркок, дурдугуй; **выража́ться суко́нным языко́м** чоркок тил менен сүйлөө.

**СУКО'ТНАЯ** *ж.* бооз (*мышык, суусар, кундуз өңдүү айбандар жөнүндө*).

**СУ'КРОВИЦА** *ж.* кан аралаш сары суу, кан аралаш ириң.

**СУЛЕМА'** *ж.* сулема (*медицинада жана техникада колдонулуучу хлордуу сымаптан жасалган өтө уулуу ак порошок*).

**СУЛЕМО'ВЫЙ,** -ая, -ое **сулема**-*га т.*; сулемалык; **сулемо́вый раство́р** сулемалык эритинди.

**СУЛИ'ТЬ** *несов. разг.* 1. *кого-что* (*обещать*) убада берүү, убада кылуу, сөз берүү; **сули́ть награ́ду за успе́хи** жетишкендиги үчүн сыйлык берүүгө убада берүү; 2. *что* (*предвещать*) бир нерсеге (*мис. жакшылыкка*) алып баруу.

**СУЛТА'Н I** *м.* (*титул*) султан (*кээ бир мусулман өлкөлөрүндө монархтардын титулу*); **туре́цкий султа́н** Түркиянын султаны.

**СУЛТА'Н II** *м.* (*украшение*) жыга (*көбүнчө аскердин баш кийимдерине тагылуучу бир тутам куш жүнү же бир топ кыл*).

**СУЛТА'НША** *ж.* султандын аялы, катыны.

**СУЛЬФА'Т** *м. хим.* сульфат (*күкүрттүү кычкыл туздардын жалпы аты*).

**СУЛЬФИ'Д** *м. хим.* сульфид (*күкүрттүн ар түрдүү элементтер менен жөнөкөй кошулушунун жалпы аты*).

**СУЛЬФИ'Т** *м. хим.* сульфит (*күкүрт кислотасынын туздарынын жалпы аты*).

**СУМА'** *ж. уст.* баштык, калта; ◇ **ходи́ть с сумо́й** баштык көтөрүп жүрүү (*дубаналык кылуу, кайыр суроо*); **пусти́ть с сумо́й** бүлүнчүлүккө (жакырдыкка) учуратуу; **сума́ переме́тная** күн тийген жердин чоросу.

**СУМАСБРО'Д** *м.* дөдөй, жинди.

**СУМАСБРО'ДИТЬ** *несов. см.* **сумасбро́дничать.**

**СУМАСБРО'ДКА** *женск. р. к* **сумасбро́д.**

**СУМАСБРО'ДНИЧАТЬ** *несов.* дөдөйлүк кылуу, жиндилик кылуу.

**СУМАСБРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **сумасброд**-*го т.*; **сумасбро́дная вы́думка** дөдөйдүн кылык-жоругу.

**СУМАСБРО'ДСТВО** *ср.* дөдөйлүк, жиндилик, кайсарлык; **он упря́м до сумасбро́дства** ал жин тийгендей өжөр, ал жиндидей өжөр; **допуска́ть вся́кие сумасбро́дства** ар түрдүү жиндиликке жол берүү.

**СУМАСБРО'ДСТВОВАТЬ** *несов. см.* **сумасбро́дничать.**

**СУМАСШЕ'ДШИЙ,** -ая, -ее 1. жинди, жин тийген; **сумасше́дший челове́к** жинди болгон киши; 2. *в знач. сущ. м., ж.* жинди; **бу́йный сумасше́дший** оолукма жинди; 3. *перен. разг.* өтө, көп, эң эле; **э́та вещь бу́дет сто́ить сумасше́дших де́нег** бул буюм эң эле көп акча турат; 4. *перен.* обу жок, оңбогон; **сумасше́дшая вы́думка** обу жок кыял, оңбогондой кыял; **сумасше́дшая езда́** өтө катуу жүрүү (*мис. машинада*).

**СУМАСШЕ'СТВИЕ** *ср.* жинди болуу, акылдан адашуу.

**СУМАСШЕ'СТВОВАТЬ** *несов.* жиндилик кылуу, бир нерсени ойлонбой туруп иштөө.

**СУМАТО'ХА** *ж.* тополоң, чак-челекей, будуң чаң, азан-казан; **забы́ть** *что-л.* **в сумато́хе** чак-челекей түшүп жатып бир нерсени унутуп коюу.

**СУМАТО'ШЛИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* шашкалактаган, карбаластаган.

**СУМАТО'ШНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **сумато́шливый.**

**СУМБУ'Р** *м.* чаржайыт, баш аламан, чар учкандай, баш-аягы жок; **сумбу́р в мы́слях** ойдогу баш аламандык; **у меня́ в голове́ сумбу́р** менин башым маң болуп калды.

**СУМБУ'РНОСТЬ** *ж.* чаржайыттык, баш аламандык; **сумбу́рность изложе́ния** баяндоонун баш аламандыгы, сүйлөгөн сөзүнүн дайыны жоктук.

**СУМБУ'РНЫЙ,** -ая, -ое чаржайыт, баш аламан, чар учкандай, баш-аягы жок; **сумбу́рное впечатле́ние** баш аламан ойдо калуу, эмне экенин түшүнбөй калуу.

**СУ'МЕРЕЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. **сумерки**-*ге т.*; **су́меречное вре́мя** күүгүм кирген убакыт; 2. *перен.* (*упадочный, мрачный*) кабагы салыңкы; **су́меречное настрое́ние** кабагы салыңкы көңүл.

**СУ'МЕРКИ** *только мн.* күүгүм, акшам, кеч, иңир; **надвига́лись су́мерки** күүгүм кире баштаган эле; **в су́мерках** күүгүмдө, иңирде.

**СУ'МЕРНИЧАТЬ** *несов. разг.* күүгүмдө (иңирде) бекер отуруу (*чырак жакпай отуруу*).

**СУМЕ'ТЬ** *сов. с неопр.* колдон келүү, иштей алуу; **он не суме́л отве́тить** ал жооп бере албай калды.

**СУ'МКА** *ж.* 1. сумка; баштык (*дорожная, вещевая*); китеп кап (*школьная*); **плетёная су́мка** токулган сумка, **вое́нная су́мка** *или* **полева́я су́мка** аскер сумкасы; 2. *зоол.* капчык (*кээ бир жаныбарлардын курсагынын сыртындагы капчыктары, мис. кенгуру*); ◇ **серде́чная су́мка** *анат.* жүрөктүн кабы.

**СУ'ММА** *ж.* 1. *мат.* (*число*) сумма (*жыйынтык, жыйынды, сомо*); **су́мма двух слага́емых** кошулуучу эки сандын суммасы; 2. (*общее количество*) жыйынтык; **су́мма челове́ческих зна́ний** адам баласынын билиминин жыйындысы; 3. (*количество денег*) сумма; **он получи́л из ка́ссы большу́ю су́мму** ал кассадан чоң сумма алды (*мис. акча*); ◇ **в су́мме** бардыгы.

**СУММА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*представляющий сумму чего-л.*) жыйынтыкталган, жалпыланган; **сумма́рные да́нные** жалпыланган маалыматтар; 2. *перен.* (*общий*) жалпы жонунан, жалпы; **сумма́рное представле́ние** жалпы түшүнүк.

**СУММИ'РОВАНИЕ** *ср.* суммалоо, жыйынтыктоо, жыйнактоо.

**СУММИ'РОВАТЬ** *несов. что* суммалоо, жыйынтыктоо, жыйнактоо; **сумми́ровать все да́нные** бардык маалыматтарды жыйынтыктоо (суммалоо).

**СУ'МРАК** *м.* күүгүм, караңгы.

**СУ'МРАЧНОСТЬ** *ж.* күүгүмдүк, бүркөктүк, күңүрттүк.

**СУ'МРАЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. бүркөк; **су́мрачный день** бүркөк күн; 2. *перен.* (*угрюмый, печальный*) кайгылуу, кабагы салыңкы, бүркөө; **су́мрачный вид** кабагы салыңкы кебете.

**СУ'МЧАТЫЙ,** -ая, -ое 1. *зоол.* (*имеющий сумку*) капчыктуу; **кенгуру́ — су́мчатое живо́тное** кенгуру — капчык

www.bizdin.kg

туу айбан; **2.** *в знач. сущ.* **су́мчатые** *мн.* капчыктуулар (*айбандар жөнүндө*).

**СУМЯ'ТИЦА** *ж. разг.* дүрбөлөң, тополоң, азан-казан, *ызы-чуу, тополоң* чаң; **вот сумя́тицу по́дняли** мына дүрбөлөң чыгарышты.

**СУНДУ'К** *м.* сандык; **ко́ваный сунду́к** калай менен капталган сандык.

**СУНДУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **сундук**-*ка т.*; **сунду́чная кры́шка** сандыктын капкагы.

**СУ'ННА** *ж. рел.* сүннө (*Мукамбет пайгамбар жөнүндөгү жомок-лакаптар жана куранга жасалган кошумчалар жана түшүндүрмөлөр*).

**СУННИ'ТЫ** *мн.* (*ед.* **сунни́т** *м.*) сунниттер (*куранды да, сүннөнү да колдонуучу мусулмандар*).

**СУ'НУТЬ** *сов. кого-что* салуу, тыга салуу; **су́нул ру́ку в карма́н** колун чөнтөккө салды.

**СУ'НУТЬСЯ** *сов. разг.* ыгы жок кийлигишүү, кыстырылуу, арага киришүү, жүтүнүү, эйтелеп жүтүнүү.

**СУП** *м.* сорпо; **мясно́й суп** эт сорпо; **карто́фельный суп** картошка сорпо; **горо́ховый суп** буурчак сорпо; **моло́чный суп** сүт сорпо.

**СУПЕРОБЛО'ЖКА** *ж. полигр.* суперобложка (*китептин мукабасынын сыртынан капталган тышы*).

**СУПЕРФОСФА'Т** *м. хим.* суперфосфат (*фосфаттарды кислота менен аралаштырып жасаган жер семирткич*).

**СУ'ПЕСОК** *м.* кумдак топурак, кумдуу жер.

**СУПЕСЧА'НЫЙ,** -ая, -ое: **супесча́ная по́чва** кумдак топурак, кумдак жер.

**СУ'ПЕСЬ** *ж. см.* **су́песок.**

**СУПОВО'Й,** -а́я, -о́е **суп**-*ка т.*; **супова́я ло́жка** сузгу, чөмүч; **супова́я ми́ска** сорпо мискасы.

**СУПО'НЬ** *ж.* каамыт боо.

**СУПОРО'САЯ: супоро́сая свинья́** бооз мегежин.

**СУПОРО'СНАЯ** *см.* **супоро́сая.**

**СУ'ППОРТ** *м.* суппорт (*токардык станокторго коюлган жабдыктарды бекитүү үчүн колдонулуучу аспап*).

**СУПРУ'Г** *м.* эр (*эри*).

**СУПРУ'ГА** *ж.* аял, аялы.

**СУПРУ'ГИ** *мн.* эрди-катын, эри жана аялы.

**СУПРУ'ЖЕСКИЙ,** -ая, -ое **супруги**-*ге т.*; **супру́жеская жизнь** эрди-катын турмушу.

**СУПРУ'ЖЕСТВО** *ср. уст.* эрди-катын болуучулук.

**СУРГУ'Ч** *м.* сургуч; **запеча́тать конве́рт сургучо́м** конвертке сургуч басуу.

**СУРГУ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **сургуч**-*ка т.*; **сургу́чная печа́ть** сургуч печаты.

**СУРДИ'НА** *ж.* сурдина; *см.* **сурди́нка.**

**СУРДИ'НКА** *ж. муз.* сурдинка (*музыкалык инструменттин үнүн басаңдатуу үчүн анын кылынын үстүнө кийгизилүүчү тарак сыяктуу нерсе*); ◇ **под сурди́нку** *разг.* жашырын, билдирбей, тымызын.

**СУРЕ'ПИЦА** *ж. см.* **суре́пка.**

**СУРЕ'ПКА** *ж.* **1.** кычы; **2.** (*сорняк*) сары баш, сары баш чөп.

**СУРЕ'ПНЫЙ,** -ая, -ое **сурепка**-*га т.*; **суре́пное ма́сло** кычы майы.

**СУ'РИК** *м.* жошо.

**СУРО'ВОСТЬ** *ж.* **1.** каардуулук, катуулук, катаңдык; **суро́вость зимы́** кыштын катуулугу; **2.** (*суровый характер, отношение*) каардуулук, сүрдүүлүк, түнөргөндүк, катаалдык; **встре́тить** *кого-л.* **с суровостью** *бирөөнү* каардуулук менен кабыл алуу; **в нём мно́го суро́вости** ал абдан катаал киши.

**СУРО'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** каардуу, катуу, катаң; **суро́вая зима́** катуу кыш; **суро́вое наказа́ние** катуу жаза; **2.** *перен.* каардуу, сүрдүү, катаал; **суро́вый взгляд** каардуу көз караш; **3.** *перен.* катуу, жаңга бата турган; **суро́вая пра́вда** жаңга бата турган чындык; **4.** (*неотделанный — о материалах*) кам (*кездеме жөнүндө: жетиле иштетилбеген*); **суро́вое полотно́** камсурп (*кездеменин бир түрү*); **суро́вые ни́тки** кенеп жип.

**СУРО'К** *м* суур.

**СУРРОГА'Т** *м.* суррогат (*жасама, жалган, мис. алма чай*).

**СУРРОГА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **суррогат**-*ка т.*; **суррога́тная ко́жа** суррогат тери (*жасалма тери*).

**СУРЬМА'** *ж. хим.* сурьма (*химиялык элемент, металл; бул металл ар түрдүү эритиндилерди алуу үчүн техникада пайдаланылат*).

**СУРЬМИ'ТЬ** *несов. что* сурмалоо, сурма сүртүү (*мис. кашка*).

**СУСА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое сусаль, сусалдык; **суса́льное зо́лото** сусаль алтын (*алтын түсүндөгү кагаздай жука металлдан жасалган нерсе*); **суса́льное серебро́** сусаль күмүш (*күмүш түсүндөгү кагаздай жука металлдан жасалган нерсе*).

**СУ'СЛИК** *м.* сары чычкан.

**СУ'СЛО** *ср.* сусло (*пиво жана спирт чыгарылуучу крахмалдуу жана канттуу нерселерден кайнатылган шире*).

**СУСТА'В** *м.* муун.

**СУСТАВНО'Й,** -а́я, -о́е **сустав**-*га т.*; **суставно́й ревмати́зм** муундатып ооруган кызыл жүгүрүк, муун кубалаган кызыл жүгүрүк.

**СУСТА'ВЧАТЫЙ,** -ая, -ое муундуу.

**СУТЕНЁР** *м.* сутенёр, жан бакты (*бузулган аялдын эсебинен жашоочу эркек*).

**СУ'ТКИ** *только мн.* сутка, сотке, күн-түн; **за су́тки вперёд** бир сутка мурда; **су́тками по́зже** бир сутка кийин; **че́рез дво́е су́ток** эки суткадан кийин.

**СУ'ТОЛОКА** *ж.* тыгылышуу, опур-топур.

**СУ'ТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **1. сутки**-*ге т.*; сутkалык; **су́точное движе́ние поездо́в** поезддердин суткалык кыймылы; **2.** *в знач. сущ.* **су́точные** *мн.* суточный (*командировкага барган кишиге ар суткасына берилүүчү акча*).

**СУТУ'ЛИТЬ** *несов. что* бүкчүйтүү, бүкүрөйтүү; **суту́лить спи́ну** белди бүкчүйтүү.

**СУТУ'ЛИТЬСЯ** *несов.* бүкчүйүү, бүкүрөйүү (*бел, далы*).

**СУТУЛОВА'ТОСТЬ** *ж.* бүкчүйүңкүлүк, бүкүрөйүңкүлүк.

**СУТУ'ЛОСТЬ** *ж.* бүкчүйгөндүк, бүкүрдүк (*бел, далы*).

**СУТУ'ЛЫЙ,** -ая, -ое бүкүр, бүкчүгүй; **суту́лая фигу́ра** бүкүр турпат, бүкүр фигура.

**СУТЬ** I *ж.* маани, мазмун, маңыз; **суть де́ла** иштин мазмуну; **вни́кнуть в са́мую суть** маанисине абдан түшүнүү; **суть не в э́том** кеп мында эмес; ◇ **по су́ти де́ла** чынында, ырасын айтканда.

**СУТЬ** II *3 л. мн. ч. наст. вр. от* **быть,** *уст.* болуп эсептелет; **львы и ти́гры суть хи́щные живо́тные** арстан менен жолборс жырткыч айбандардан болуп эсептелет; ◇ **э́то не суть ва́жно** бул анчалык деле маанилүү эмес.

**СУТЯ'ГА** *м. и ж. см.* **сутя́жник.**

**СУТЯ'ЖИТЬ** *несов. см.* **сутя́жничать.**

**СУТЯ'ЖНИК** *м. уст.* чыр, доочул (*чырдашууну, доолашууну, соттошконду сүйгөн адам*).

**СУТЯ'ЖНИЦА** *женск. р. к* **сутя́жник.**

**СУТЯ'ЖНИЧАТЬ** *несов.* жок жерден чырдашуу, соттошуу.

**СУТЯ'ЖНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **сутяжник**-*ке т.*; **сутя́жнические зама́шки** чырчыл мүнөз, сотчул мүнөз.

**СУТЯ'ЖНИЧЕСТВО** *ср.* чырчылдык, сотчулдук.

**СУТЯ'ЖНЫЙ,** -ая, -ое ыгы жок доолаша берүүчү, соттошо берүүнү сүйүүчү киши.

**СУФЛЕ'** *ср. нескл.* суфле (*жумуртканын агын кант менен көптүрүп жасаган жеңил пирожное*).

**СУФЛЁР** *м. театр.* суфлёр (*театрда ролдун сөздөрүн актёрго шыбырап айтып туруучу киши*).

www.bizdin.kg

**СУФЛЁРСКИЙ,** -ая, -ое **суфлёр**-*го т.*; суфлёрдук; **суфлёрская бу́дка** суфлёрдун будкасы; **суфлёрские обя́занности** суфлёрдук милдеттер.

**СУФЛИ́РОВАТЬ** *несов.* **1.** суфлёрдук кылуу; **2.** *перен.* (*подсказывать*) шыбырап (жаңдап) айтып туруу.

**СУ́ФФИКС** *м. лингв.* суффикс (*уңгудан кийин келүүчү аффикс*).

**СУФФИКСА́ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **суффикс**-*ке т.*; суффикстик, **суффикса́льная часть сло́ва** сөздүн суффикстик бөлүгү.

**СУФФИКСА́ЦИЯ** *ж. лингв.* суффиксация (*суффикстин жардамы менен сөз түзүү; сөздөгү суффикстин болушу*).

**СУХА́РНИЦА** *ж.* сухарь салуучу идиш.

**СУХА́РНЫЙ,** -ая, -ое **сухарь** 1-*ге т.*; **суха́рный квас** сухарь квасы (*сухардан жасалган квас*).

**СУХА́РЬ** *м.* **1.** сухарь (*кургатылган нан*); **2.** *перен.* (*о худом человеке*) арык (*тыржыйган арык киши*); **3.** *перен.* (*о чёрством, неотзывчивом человеке*) кайрымы жок, таш боор.

**СУ́ХО 1.** *нареч.* (*неотзывчиво, холодно*) кыртышы сүйбөй, жактырыңкырабай; **су́хо разгова́ривать** *с кем-л.* *бирөө менен* кыртышы сүйбөй сүйлөшүү; **2.** *в знач. сказ.* (*об отсутствии влажности*) кургак, кургап калган, какыраган; **у меня́ в го́рле су́хо** менин тамагым кургап турат; **на дворе́ су́хо** эшик кургак; ◇ **су́хо-на́сухо** аябай кургагыча, купкургак кылып.

**СУХОВЕ́Й** *м.* ысык жел, керимсел (*мындай ысык шамал кургакчылык туудурат*).

**СУХОДО́Л** *м. с.-х.* суусуз өрөөн, суусуз коо.

**СУХОЖИ́ЛИЕ** *ср. анат.* сиңир, тарамыш; **ахи́ллово сухожи́лие** кылта.

**СУХО́Й,** -а́я, -о́е **1.** (*не мокрый, лишённый влаги*) кургак, кагыраган, нымсыз; **суха́я тря́пка** кургак чүпүрөк; **сухо́й во́здух** нымсыз аба; **сухо́е ле́то** жаан-чачынсыз жай; **суха́я ме́стность** кургак жер; **сухи́е до́ски** кургак тактайлар, **сухо́й ров** кургак аң; **сухо́й хлеб** кургак нан; **сухи́е фру́кты** кургатылган жемиштер; **2.** (*не жидкий*) кургак; **суха́я еда́** кургак тамак; **3.** (*засохший*) куураган, куу; **суха́я ве́тка** куураган бутак; **4.** *разг.* (*худощавый*) арык чырай, арык, катыңкы; **5.** *перен.* (*неласковый*) суук, сүйбөгөндөй, жактырбагандай; **сухо́й взгляд** жактырбагандай көз караш; **суха́я встре́ча** кайдигер кабыл алуу; **6.** *перен.* (*лишённый живости, образности*) көңүлсүз, ширесиз, кызыксыз; **сухо́й расска́з** кызыксыз аңгеме; ◇ **сухо́й ка́шель** кургак жөтөл; **сухи́м путём** кургак жол менен; **вы́йти сухи́м из воды́** камырдан кыл сууругандай иликчексиз кутулуу.

**СУХОЛЮБИ́ВЫЙ,** -ая, -ое *бот.* кургакты сүйүүчү; **сакса́ул — сухолюби́вое расте́ние** сексөөл — кургакты сүйүүчү өсүмдүк.

**СУХОПА́РНИК** *м. тех.* сухопарник (*буу казанынын жогорку бөлүгүндөгү буу алынуучу цилиндр*).

**СУХОПА́РЫЙ,** -ая, -ое *разг.* катыңкы, арык, арык чырай.

**СУХОПУ́ТНЫЙ,** -ая, -ое кургактагы; **сухопу́тные во́йска́** кургактагы войсколор.

**СУХОСТО́Й** *м.* **1.** *собир.* (*засохшие на корню деревья*) тамыры менен туруп куураган жыгачтар; **2.** *с.-х.* (*период перед отёлом*) уйдун туур алдындагы байыган мезгили.

**СУ́ХОСТЬ** *ж.* кургактык; **су́хость кли́мата** климаттын кургактыгы; **ощуща́ть су́хость в го́рле** тамак кургаганды сезүү.

**СУХО́ТКА** *ж.*: **сухо́тка спинно́го мо́зга** *мед.* жүлүндүн оорусу (*сифилистин кесепетинен пайда болуучу нерв системасынын оорусу*).

**СУХОЩА́ВОСТЬ** *ж.* арыктык, катыңкылык.

**СУХОЩА́ВЫЙ,** -ая, -ое арык, арык чырай, катыңкы; **сухоща́вый па́рень** арык чырай жигит.

**СУЧИ́ТЬ** *несов.* **1.** *что* чыйратуу, ийрүү, эшүү; **сучи́ть ни́тки** жип чыйратуу (эшүү); **2.** *чем* (*двигать, болтать*) кыймылдатуу, тыбыратуу, шылкылдатуу; **ребёнок сучи́т но́жками** бала бутун тыбыратып жатат.

**СУЧКОВА́ТЫЙ,** -ая, -ое *см.* **сукова́тый.**

**СУЧО́К** *м.* **1.** (*ветка*) бутак; **2.** (*в доске*) бутак (*бутактын тактайдагы орду*); ◇ **ни сучка́ ни задо́ринки** *или* **без сучка́ без задо́ринки** камырдан кыл сууругандай.

**СУ́ША** *ж.* **1.** (*земля*) кургак жер, кургактык; **на су́ше и на мо́ре** кургакта жана деңизде; кургакта да, сууда да; **2.** *прост.* (*засуха*) кургакчылык.

**СУ́ШЕ** *сравн. ст. от прил.* **сухо́й** *и нареч.* **су́хо** кургагыраак, кургата.

**СУШЕ́НИЕ** *ср.* (*действие*) кургатуу.

**СУШЁНЫЙ,** -ая, -ое кургаган, кургатылган; **сушёные фру́кты** кургатылган жемиштер.

**СУШЕ́НЬЯ** *только мн. разг.* (*засушенные плоды, фрукты*) кургатылган (*жемиш*); **корми́ть вся́кими суше́ньями** ар түрдүү кургатылган жемиштерди жедирүү.

**СУШИ́ЛКА** *ж.* **1.** (*аппарат*) сушилка, кургаткыч, кургатуучу аппарат; **2.** (*помещение*) сушилка, кургатуучу жай.

**СУШИ́ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кургаткыч; **суши́льный шкаф** кургаткыч шкаф.

**СУШИ́ЛЬНЯ** *ж. см.* **суши́лка** 2.

**СУШИ́ТЬ** *несов.* **1.** *что* (*делать сухим*) кургатуу; **суши́ть се́но** чөп кургатуу; **суши́ть сухари́** сухарь кургатуу; **2.** *что* (*производить ощущение сухости*) кургатып жиберүү; **э́тот таба́к су́шит го́рло** бул тамеки тамакты кургатып жиберет; **3.** *кого-что, перен.* (*делать исхудалым, измождённым*) жабыктыруу, арыктатуу, баздыруу; **го́ре су́шит челове́ка** кишини кайгы жабыктырат.

**СУШИ́ТЬСЯ** *несов.* кургатылуу, кургануу; **суши́ться у костра́** отко кургануу; **се́но су́шится на со́лнце** чөп күнгө кургатылат.

**СУ́ШКА** *ж.* **1.** (*действие*) кургатуу; **2.** (*маленькая сухая баранка*) сушка (*кичинекей ортосу тешик тегерек нан*).

**СУШЬ** *ж. разг.* (*засушливая пора*) кургакчылык.

**СУЩЕ́СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое маанилүү, олуттуу; **суще́ственное замеча́ние** олуттуу эскертүү; **игра́ть суще́ственную роль** *в чём-л. бир нерседе* олуттуу роль ойноо; **без суще́ственных измене́ний** маанилүү өзгөрүүсүз.

**СУЩЕСТВИ́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **и́мя существи́тельное** *грам.* зат атооч.

**СУЩЕСТВО́** *ср.* **1.** (*сущность*) негиз, маңыз, маани; **поня́ть существо́ де́ла** иштин маңызын түшүнүү; **говори́ть по существу́ вопро́са** маселеге тийиштүү сөздү сүйлөө; **2.** (*живой организм*) жандуу нерсе; тирүү организм; **живы́е существа́** тирүү жандар; **стра́нное существо́** укмуштуу жан.

**СУЩЕСТВОВА́НИЕ** *ср.* (*жизнь, бытие*) жашоо, турмуш, тиричилик кылуу; **сре́дства к существова́нию** тиричилик кылуу каражаты, жашоо үчүн каражат; **я знал о существова́нии э́той кни́ги** бул китептин бар экендигин мен билчү элем; **прекрати́ть существова́ние** жоюлуу, жоголуу, дүйнөдөн кайтуу.

**СУЩЕСТВОВА́ТЬ** *несов.* **1.** (*быть, иметься, жить*) жашоо, күн көрүү, бар болуу; **2.** *чем, на что* (*поддерживать свою жизнь*) жан сактоо, жашоо, күн көрүү; **существова́ть свои́м трудо́м** өз эмгеги менен жан сактоо (күн көрүү).

**СУ́ЩИЙ,** -ая, -ее (*истинный, подлинный*) нак, анык, нагыз; **э́то су́щая пра́вда** бул анык чындык; **су́щие пустяки́** арзыбаган нерсе.

**СУ́ЩНОСТЬ** *ж.* негиз, маңыз, маани; ◇ **в су́щности говоря́** *вводн. сл.* чынын айтканда.

**сую́, суёшь** *и т. д. наст. вр. от* **сова́ть.**

**сую́сь, суёшься** *и т. д. наст. вр. от* **сова́ться.**

**СУЯ́ГНАЯ: суя́гная овца́** бооз кой.

www.bizdin.kg

**СФАБРИКОВА'ТЬ** *сов. что, неодобр.* калп нерсени ойлоп чыгаруу, закон тыйган нерсени жасап алуу (*мис. жасалма паспорт, акча*).

**СФАЛЬЦЕВА'ТЬ** *сов. что, полигр.* фальцовкалоо, бүктөө (*китеп жана брошюра басылган чоң кагаздарды бүктөө*).

**СФАЛЬШИ'ВИТЬ** *сов.* 1. (*поступить неискренно*) айла кылуу, арамзалык кылуу, туура эмес айтып салуу; 2. *муз.* (*зазвучать не в тон*) бузуу, адашуу, жаңылуу (*обонду же күүнү бузуу*).

**СФЕ'РА** *ж.* 1. (*шар*) сфера, шар, шар бети; 2. *перен.* (*пределы распространения чего-л.*) сфера, чөйрө; **сфе́ра влия́ния** таасир сферасы, таасири тийүү чөйрөсү; **сфе́ра де́ятельности** иштөө сферасы, кызматынын чөйрөсү; 3. *перен.* (*среда, общественное окружение*) чөйрө, коомдук чөйрө, айлана; **чу́вствовать себя́ в свое́й сфе́ре** өзүн өз чөйрөсүндөгүдөй сезүү.

**СФЕРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое сфера сымал, сфера формалуу, шар (тоголок) сыяктуу; **сфери́ческое те́ло** сфера формалуу тело.

**СФЕРО'ИД** *м. мат.* сфероид (*жалпайган шар сыяктуу геометриялык тело*).

**СФЕРОИДА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **сфероид**-*ге т.*

**СФИНКС** *м.* 1. (*изваяние*) сфинкс (*Байыркы Египетте —киши баштуу кылып тартылган арстандын сүрөтү*); 2. *перен.* (*загадочный человек*) сырдуу адам, ички сырын эч кимге билгизбеген адам.

**СФОРМИРОВА'НИЕ** *ср.* куруу, түзүү, белгилүү бир формага келтирүү, уюштуруу.

**СФОРМИРОВА'ТЬ** *сов. кого-что* куруу, түзүү, уюштуруу; **сформирова́ть партиза́нский отря́д** партизандык отряд түзүү.

**СФОРМИРОВА'ТЬСЯ** *сов.* курулуу, түзүлүү, уюштурулуу.

**СФОРМОВА'ТЬ** *сов. что, тех.* формага келтирүү, формалоо, куюп белгилүү бир формага келтирүү.

**СФОРМОВА'ТЬСЯ** *сов. тех.* белгилүү бир формага келтирилүү.

**СФОРМУЛИ'РОВАТЬ** *сов. что* формулировать этүү, формулировкалоо (*бир ойду кыска жана так кылып айтуу*); **сформули́ровать пра́вило** эрежени формулировкалоо.

**СФОТОГРАФИ'РОВАТЬ** *сов. кого-что* фотографиялоо, сүрөткө тартуу, сүрөткө тартып алуу.

**СФОТОГРАФИ'РОВАТЬСЯ** *сов.* фотографиялануу, сүрөткө түшүү, сүрөткө тартылуу.

**СХВАТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* кармоо, ала коюу; **схвати́ть ша́пку** тебетейин колуна кармап алуу; **схвати́ть ребёнка за́ руку** баланы колунан кармай калуу; 2. *что* (*приобрести болезнь*) жуктуруп алуу; **схвати́ть на́сморк** сасык тумоо жуктуруп алуу; 3. *разг.* (*понять, усвоить*) биле коюу, билип алуу, сезе коюу, бат түшүнүү, түшүнө коюу; **бы́стро схвати́ть чужу́ю мысль** бирөөнүн оюн бат биле коюу; 4. *что* (*скрепить*) бириктирип бекитүү; **схвати́ть брёвна скоба́ми** устундарды кадап бекитүү.

**СХВАТИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *за кого-что* кармай калуу, кармануу; 2. *разг.* (*вступить в борьбу*) кармашуу, жулкушуу, койгулашуу; **бойцы́ схвати́лись** аскерлер кармашып калышты; 3. *разг.* (*поспешно вскочить*) секирип туруу, ыргып туруу, чочуп туруу, шашып тура калуу.

**СХВА'ТКА** *ж.* 1. (*стычка*) алышуу, кармашуу, салгылашуу; **возду́шная схва́тка** абада кармашуу; 2. *чаще мн.* (*судорожные сокращения мышц*) түйүлүп ооруу, толгоо, толготуу; **родовы́е схва́тки** толготуу, төрөт толгоосу.

**СХВА'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **схвати́ть** 2—4.

**СХВА'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **схвати́ться** 2, 3; 2. *страд. к* **схва́тывать**.

**СХЕ'МА** *ж.* 1. (*чертёж, план*) схема; **схе́ма радиоприёмника** радиоприёмниктин схемасы; 2. (*общее изложение*) схема (*жалпы мазмуну*); **схе́ма докла́да** докладдын схемасы.

**СХЕМАТИЗА'ТОР** *м.* схематизатор (*бир нерсени жөнөкөйлөтүп жалпы түрдө көз алдыга келтирүүчү адам*).

**СХЕМАТИЗА'ЦИЯ** *ж.* схемалоо, схемалаштыруу.

**СХЕМАТИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* схемалоо, схемалаштыруу (*бир нерсени жөнөкөйлөтүп жалпы түрдө көз алдыга келтирүү*).

**СХЕМАТИ'ЗМ** *м.* схематизм (*даяр схемалар менен гана ойлоочулук*).

**СХЕМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое схемалык; **схемати́ческое изображе́ние** схемалык түрдө көрсөтүү (сүрөттөө); **схемати́ческое изложе́ние** жалпы жонунан баяндоо.

**СХЕМАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* схемалуулук (*схема түрүндөгүлүк, жалпы жонунан болгондук*); **схемати́чность докла́да** докладдын схемалуулугу.

**СХЕМАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое схемалык; **схемати́чный рису́нок** схемалык сүрөт (*жалпы жонунан тартылган сүрөт*).

**СХИ'МНИК** *м.* монах (*дүйнөдөн безген, кечил*).

**СХИТРИ'ТЬ** *сов.* амалдоо, амал кылуу, куулук кылуу, алдоо, алдап кетүү.

**СХЛЫ'НУТЬ** *сов.* 1. кайта тартылуу, кайра кайтуу, кайра артка жайпоо; **волна́ схлы́нула с бе́рега** толкун жээктен кайта тартылды; 2. *перен.* кетүү, жоголуу, таралуу, таралып кетүү; **страх схлы́нул сра́зу** коркунуч дароо эле жоголду; **к ве́черу толпа́ схлы́нула** кечке маал топураган эл тарап кетти.

**СХОД** *м.* 1. (*действие*) түшүү; **при схо́де с парохо́да** пароходдон түшкөн кезде; 2. (*место*) эңкейиш, түшүүчү жер, төмөн түшө турган жер; **круто́й сход** тик эңкейиш, тике түшүүчү жер; 3. *уст.* (*собрание, сходка*) жыйылыш, жыйын, чогулуш; **се́льский сход** селолук жыйылыш.

**СХОДИ'ТЬ** I *сов.* баруу, барып келүү, чыгып келүү; **сходи́ть в магази́н** магазинге барып келүү.

**СХОДИ'ТЬ** II *несов. см.* **сойти́**.

**СХОДИ'ТЬСЯ** *несов. см.* **сойти́сь**.

**СХО'ДКА** *ж. уст.* жыйылыш, жыйын, чогулуш; **студе́нческая схо́дка** студенттердин жыйыны.

**СХО'ДНИ** *мн.* (*ед.* **схо́дня** *ж.*) тепкич тактай (*мис. пароходдон түшүү үчүн*).

**СХО'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*похожий*) окшош, бирдей, өңдүү; **схо́дные по констру́кции предложе́ния** түзүлүшү окшош сүйлөмдөр; 2. *разг.* (*подходящий*) ылайык, туура келе турган, кымбат эмес; **купи́ть по схо́дной цене́** кымбат эмес баада сатып алуу.

**СХО'ДСТВО** *ср.* окшоштук, өңдөштүк, түспөлдөштүк; **у него́ схо́дство с отцо́м** ал атасына түспөлдөш.

**СХО'ЖЕСТЬ** *ж. разг. см.* **схо́дство**.

**СХО'ЖИЙ,** -ая, -ее *см.* **схо́дный** 1.

**СХОЛА'СТ** *м.* 1. схоласт (*схоластиканы жолдоочу*); 2. *перен.* (*начётчик*) схоласт, начётчик (*китептен окуганды маанисине түшүнбөй кур жаттап алган киши*).

**СХОЛА'СТИК** *м. см.* **схола́ст**.

**СХОЛА'СТИКА** *ж.* схоластика (1. *орто кылымдардагы диний идеалисттик философиянын жалпы аты*; 2. *перен. турмуштан жана практикадан таптакыр ажыраган, курулай баш катырмачылык, начётчиктик кылган билим*).

**СХОЛАСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. схоластикалык; **схоласти́ческие шко́лы** схоластикалык школалар; 2. *перен.*: **схоласти́ческое рассужде́ние** схоластикалык талкуулоо.

**СХОЛАСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое схоластикалык.

**СХОРОНИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*похоронить*) көмүү (*өлүктү*); 2. *прост.* (*спрятать*) катуу, жашыруу.

**СХОРОНИ'ТЬСЯ** *сов. прост.* (*спрятаться*) жашырынуу, жашынуу.

**СЦА'ПАТЬ** *сов. кого-что, прост.* кармап алуу, кармай калуу, шап кармоо, тартып алуу, жулкуп алуу, чеңгелдеп апчуу; **ко́шка сца́пала мышо́нка** мышык чычканды шап кармады.

www.bizdin.kg

**СЦЕДИ́ТЬ** *сов. что* сүзүп алуу, сарыктырып куюп алуу; **сцеди́ть сы́воротку с творога́** быштактын сары суусун сарыктырып куюп алуу.

**СЦЕ́ЖИВАТЬ** *несов. см.* **сцеди́ть.**

**СЦЕ́НА** *ж.* 1. *театр.* (*место*) сахна; **вы́йти на сце́ну** сахнага чыгуу; 2. *театр.* (*часть действия*) көшөгө (*пьесанын айрым бөлүгү*); **сце́на втора́я** экинчи көшөгө; 3. (*эпизод*) көрүнүш; **сце́на проща́ния** коштошуу көрүнүшү; 4. *перен. театр.* (*артистическая деятельность*) сахна; **пойти́ на сце́ну** сахнада иштөө, артист болуп кетүү; 5. *перен. разг.* (*ссора*) чатак, уруш, жаңжал; **устра́ивать сце́ны** чатак чыгаруу.

**СЦЕНА́РИЙ** *м.* сценарий (1. *театр. сахнага чыгуучу кишилердин сахнага чыгуу тартиби, убактысы кошо көрсөтүлгөн тизмеси;* 2. *кино. кыймылды толук түрдө баяндоочу кинофильмдин адабий негизи*).

**СЦЕНАРИ́СТ** *м.* сценарист (*кинофильм сценарийинин автору*).

**СЦЕНИ́ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **сцена**-*га т.*; сахналык; **сцени́ческая де́ятельность** сахнадагы кызмат, сахналык иш; 2. (*подходящий для сцены*) сахналык; **сцени́ческая вне́шность** сахналык келбет (*сырткы түрүнүн сахнага ылайыктуулугу*).

**СЦЕНИ́ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **сцени́ческий** 2.

**СЦЕП** *м.* 1. (*действие*) чиркештирүү, илүү, тизмектөө; **комба́йн в сце́пе с тра́ктором** тракторго чиркелген комбайн; 2. (*приспособление для сцепления*) илмек; **ваго́нные сце́пы** вагон илмектери; 3. *с.-х.* чиркелген (*бирге чиркелген темир жолдук платформалар же айыл чарба шаймандары*).

**СЦЕПИ́ТЬ** *сов. кого-что* чиркештирүү, илүү, тизмектөө; **сцепи́ть ваго́ны** вагондорду чиркештирүү.

**СЦЕПИ́ТЬСЯ** *сов.* 1. чиркелишүү, илинишүү, илинишип калуу; **ваго́ны сцепи́лись** вагондор чиркелишти; **са́ни сцепи́лись** чаналар бири-бирине илинишип калды; 2. *перен. разг.* алышуу, кармашуу, тытышуу, тытышып калуу; **ко́шка сцепи́лась с соба́кой** мышык ит менен алышып калды.

**СЦЕ́ПКА** *ж.* чиркештирүү, илүү, тизмектөө; **автомати́ческая сце́пка ваго́нов** вагондорду автоматтык жол менен чиркештирүү.

**СЦЕПЛЕ́НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) илиштирүү, тиркеш, кошуш, улаш; **сцепле́ние крюко́в** илмектерди илиштирүү; 2. (*состояние*) илингендик, илинишип калгандык, тиркелгендик, кошулгандык, улангандык; **сцепле́ние части́ц** бөлүкчөлөрдүн илинишип калгандыгы; 3. *перен.* чиелениш; **сцепле́ние обстоя́тельств** кырдаалдардын чиеленишн.

**СЦЕПЛЯ́ТЬ** *несов. см.* **сцепи́ть.**

**СЦЕПЛЯ́ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **сцепи́ться;** 2. *страд. к* **сцепля́ть.**

**СЦЕПНО́Й,** -а́я, -о́е чиркелүүчү, чиркегич; **сцепна́я ось парово́за** паровоздун чиркелүүчү огу.

**СЦЕ́ПЩИК** *м.* чиркегич, чиркечтиргич.

**СЧАСТЛИ́ВЕЦ** *м.* бактылуу, таалайлуу.

**СЧАСТЛИ́ВИЦА** *женск. р. к* **счастли́вец.**

**СЧАСТЛИ́ВЧИК** *м. разг.* бактылуу, таалайлуу.

**СЧАСТЛИ́ВЫЙ,** -ая, -ое бактылуу, таалайлуу; **счастли́вая жизнь** бактылуу турмуш; **счастли́вое оконча́ние де́ла** иштин бактылуу (ийгиликтүү) бүтүшү; ◇ **счастли́вого пути́!** жолуң болсун!, жолуң ачылсын!; **счастли́во остава́ться!** кош болгула, аман-эсен тургула!

**СЧА́СТЬЕ** *ср.* 1. бакыт, бакты, бак; **испыта́ть сча́стье** бактыны баштан өткөрүү; **семе́йное сча́стье** үй-бүлөдөгү бакыт; 2. (*удача, успех*) бакты, бакыт, таалай; **к сча́стью** бактым бар экен, бактыга жараша; **попыта́ть сча́стья** бактысын сынап көрүү; **пожела́ть сча́стья** бактылуу болушуна тилектеш болуу; **на моё сча́стье** менин бактыма.

**СЧЕСТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*сосчитать*) эсептөө, саноо; **всех не сочтёшь** бардыгын эсептей албайсың; 2. (*признать*) эсептөө, саноо; **сочту́ свои́м до́лгом** өз милдетим деп эсептейм; ◇ **дни его́ сочтены́** анын күнү саналуу.

**СЧЕ́СТЬСЯ** *сов.* эсептешүү, расчёт кылышуу; ◇ **свои́ лю́ди — сочтёмся** *погов.* өзүбүзчө эсептешип алабыз.

**СЧЁТ** *м.* 1. эсептөө, саноо; **вести́ счёт деньга́м** акчанын эсебин ала баруу; **ребёнок зна́ет счёт до ста** бала жүзгө чейин санаганды билет; 2. (*документ*) счёт; **подписа́ть счёт** счёткө кол коюу; 3. *бухг.* счёт, эсеп; **лицево́й счёт** өздүк счёт (*айрым бир кишиге же мекемеге ачылган счёт*); **теку́щий счёт** текущий счёт (*банкыга же сактык кассага акча салуучунун счёту*); **откры́ть счёт** счёт ачуу; **закры́ть счёт** счётту жабуу; ◇ **в два счёта** көз ачып-жумганча; **без счёту** сансыз, эсепсиз көп; **в коне́чном (после́днем) счёте** акыр (акыры) аягында, акырында, акыр (акыры) түбүндө; **в счёт** *чего-л.* бир нерсенин эсебинен; **за счёт** *кого-л.* бирөөнүн эсебинен, *бирөөнүн* жонунан; **ли́чные счёты** кусмат, кектери бар; ич ара чатактары бар; **приня́ть на свой счёт** өзүнө алуу (*бирөөнүн айткан сөзүн*); **кру́глый счёт** сомологон эсеп (*мис. тыйынды чыгарып, сомду гана эсептөө*); **на** *чей-л.* **счёт** *бирөөнүн* эсебинен; **на счёт** *кого-чего-л.* *бирөө же бир нерсе* жөнүндө; **не в счёт** эсеп эмес, эсепке алынбайт, санда жок; **име́ть на боево́м счету́** согуштук счётунда болуу; **быть на хоро́шем счету́** жакшы деп эсептелүү; **поко́нчить счёты** такташып бүтүү; **свести́ счёты** *с кем-л.* 1) такташуу, эсептешүү, расчёт кылуу; 2) кек алуу, өч алуу; **сбро́сить со счето́в** эсепке албоо, катардан чыгарып таштоо; **счёту нет** *кому-чему-л.* сансыз, сан жетпейт, эсепсиз көп; **теря́ть счёт** эсеби жетпөө, саны жетпөө; **что за счёты** *разг.* эсептешүүнүн койсоңчу, бул эмнең.

**СЧЁТНЫЙ,** -ая, -ое **счёт**-*ко*, **счетоводство**-*го т.*; **счётная лине́йка** эсептөө линейкасы (сызгычы); **счётный рабо́тник** эсеп кызматчысы.

**СЧЕТОВО́Д** *м.* счетовод.

**СЧЕТОВО́ДНЫЙ,** -ая, -ое **счетовод**-*го т.*; **счетово́дные кни́ги** эсеп-кысап книгалары.

**СЧЕТОВО́ДСТВО** *ср.* эсепчилик (*счёттор боюнча операциялардын эсебин жүргүзүү*).

**СЧЁТЧИК** *м.* 1. (*лицо*) эсепчи, саноочу; 2. (*прибор*) счётчик; **электри́ческий счётчик** электр счётчиги.

**СЧЁТЫ** *только мн.* чот (*эсеп чоту*); **счита́ть на счётах** чотко салып эсептөө.

**СЧИСЛЕ́НИЕ** *ср.* эсептөө; **систе́ма счисле́ния** эсептөө системасы.

**СЧИ́СТИТЬ** *сов. что* аарчып тазалоо, сыйрып тазалоо; **счи́стить кожуру́ с апельси́на** апельсиндин кабыгын аарчып тазалоо.

**СЧИ́СТИТЬСЯ** *сов.* тазалануу, аарчылуу.

**СЧИ́СТКА** *ж.* тазалоо, тазалаш.

**СЧИ́ТАННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **счита́ть; счи́танные дни** саналуу гана күндөр.

**СЧИТА́ТЬ** I *несов.* 1. *кого-что* эсептөө, саноо; **счита́ть ове́ц** койлорду саноо; 2. (*называть числа*) саноо; **счита́ть до десяти́** онго чейин саноо; 3. *что* (*вести начало*) эсептөө, саноо; **счита́ть со вчера́шнего дня** кечээки күндөн баштап эсептөө; 4. *кого-что кем-чем, за кого-что* эсептөө, саноо; **я счита́ю его́ хоро́шим челове́ком** мен аны жакшы киши деп эсептеймин; **счита́ю, что я прав** мен өзүмдүкүн туура деп эсептейм.

**СЧИТА́ТЬ** II *сов. что с чем* (*проверить текст*) салыштырып окуу, окуп чыгуу (текшерүү); **счита́ть гра́нки с ру́кописью** гранкаларды кол жазмага салыштырып окуп чыгуу.

**СЧИТА́ТЬСЯ** *несов.* 1. *с кем-чем* эсептешүү; **счита́ться с чужи́м мне́нием** башка бирөөнүн пикири менен эсептешүү; 2. (*слыть*) эсептелүү; **он счита́ется хоро́шим инжене́ром** ал жакшы инженер болуп эсептелет; 3. *страд. к* **счита́ть** I; ◇ **э́то не счита́ется** бул эсепке кирбейт.

**СЧИ́ТКА** *ж.* (*проверка текста*) салыштырып окуу, салыштырып окуп чыгуу.

www.bizdin.kg

**СЧИ'ТЧИК** *м.* считчик, салыштырып окуп тургуч.

**СЧИ'ТЧИЦА** *женск. р. к* **считчик.**

**СЧИ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **считать** II.

**СЧИЩА'ТЬ** *несов. см.* **счистить.**

**СЧИЩА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **счиститься; 2.** *страд. к* **счищать.**

**СШИБА'ТЬ** *несов. см.* **сшибить.**

**СШИБИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* чалып жыгуу, уруп жыгуу, уруп түшүрүү, түртүп жыгуу; **сшибить прохожего** с ног өтүп бара жаткан кишини мүдүрүлтүп жыгуу.

**СШИВА'ТЬ** *несов. см.* **сшить.**

**СШИВНО'Й,** -а́я, -о́е бириктирип тигилген, улап тигилген, кошуп тигилген, курак.

**СШИТЬ** *сов. что* тигүү, кошуп тигүү; **сшить костюм** костюм тигүү; **сшить два куска материи** эки бөлөк кездемени бириктирип тигүү.

**СЪ-** *приставка, «е» жана «я»нын алдында «с» ордуна «съ» деп жазылат.*

**СЪЕДА'ТЬ** *несов. кого-что, чего* жеш; **съедать много хлеба за обедом** түшкү тамакта нанды көп жеш.

**СЪЕДЕ'НИЕ** *ср.:* **отдать на съедение** *кого-что-л. кому-л.* 1) *бирөөгө* жесин үчүн берүү; 2) *перен.* талап жок кылууга берүү, *бирөөгө* талоонго түшүрүү, *бирөөгө* жем кылуу, *бирөөнүн* ыктыярына берип коюу.

**СЪЕДО'БНЫЙ,** -ая, -ое жей турган, желе турган, жешке боло турган; **съедобный гриб** желе турган козу карын.

**СЪЁЖИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*о живом существе*) бүрүшүү, жыйрылуу; **2.** (*о вещах*) чүрүшүү, бырышуу, курушуу, курушуп кетүү; **кора съёжилась от жары** кабык ысыктан курушуп кетти.

**СЪЕЗД** I *м.* **1.** съезд; **съезд Советов** Советтердин съезди; **партийный съезд** партиянын съезди; **2.** (*прибытие*) келүү, чогулуу, жыйылуу, туш-туштан келүү; **съезд гостей** конокторду келиши.

**СЪЕЗД** II *м.* (*спуск*) түшүү, төмөн түшүүчү жол; **крутой съезд с горы** тоодон түшкөндөгү тик жер, тоодон тике түшкөн жол.

**СЪЕ'ЗДИТЬ** *сов.* барып келүү; **съездить в город** шаарга барып келүү.

**СЪЕЗЖА'ТЬ** *несов. см.* **съехать.**

**СЪЕЗЖА'ТЬСЯ** *несов. см.* **съехаться.**

**СЪЁМКА** *ж.* **1.** *фото, кино* сүрөтүн алуу, сүрөткө түшүрүү, сүрөткө тартуу; **2.** (*копирование*) көчүрүш, көчүрүп алуу; **3.** (*аренда*) жалдоо, арендага алуу.

**СЪЁМЩИК** *м.* жалдоочу; **съёмщик квартиры** квартира жалдоочу.

**СЪЁМЩИЦА** *женск. р. к* **съёмщик.**

**СЪЕСТНО'Й,** -а́я, -о́е **1.** тамак-аш, азык, оокат, тамак, жешке арналган; **съестные припасы** камдалган тамак-аш; **2.** *в знач. сущ. ср.* тамак-аш.

**СЪЕСТЬ** *сов. кого-что* жеш; **съесть кусок мяса** бир кесим эт жеш; ◇ **съесть собаку** *на чём-л. разг. бир иштин* устасы болуу, *бир нерсеге* өтө маш болуу; **он собаку съел на этом деле** ал бул ишти өтө жакшы билет.

**СЪЕ'ХАТЬ** *сов.* **1.** (*сверху*) ылдый түшүү; **съехать с горы** тоодон ылдый түшүү; **2.** *разг.* (*переселиться*) көчүп кетүү, кетүү; **3.** *разг.* (*соскользнуть*) жылуу, жылмышуу, кыйшаюу, ооп кетүү, түшүп кетүү; **шапка съехала на ухо** шапкеси кулагына түшүп кетти.

**ТОГДА´** 1. *нареч.* (*в то время, не теперь*) ошондо, ошол убакта, ошол кезде, ал кезде, ошол учурда, ал учурда, ал убакта; **тогда́ он был мо́лод** ал кезде ал жаш болчу; **я жила́ тогда́ в Москве́** мен ал убакта Москвада турчумун; 2. *нареч.* (*в таком случае*) анда; **ты уста́л? тогда́ отдохни́!** сен чарчадыңбы? анда эс ал!; 3. *союз* андан кийин, андан соң гана; **он ушёл, тогда́ я сел чита́ть** ал кетти, андан кийин мен окуганы отурдум; **когда́ он отказа́лся, тогда́ я реши́л де́йствовать оди́н** ал макул болбогондон кийин, мен өзүм жалгыз аракет кылууга кириштим; ◇ **тогда́ как** *союз уступ.* ᵉга карабастан, ᵉса да; **он хо́чет взять биле́т, тогда́ как по́езд ушёл** поезд жүрүп кетсе да, ал билет алганы жүрөт.

**ТОГДА´ШНИЙ,** -яя, -ее *разг.* ошондогу, ошол кездеги, ал убактагы, ал маалдагы.

**того́** *мест.* 1. *род. и вин. п. от* **тот**; 2. *род. п. от* **то** II.

**ТО´ЕСТЬ** *союз* 1. (*а именно*) атап айтканда; **я был там в пя́тницу, то́ есть пятна́дцатого ма́рта** мен анда жума күнү, атап айтканда, он бешинчи мартта болдум; 2. (*вернее говоря, более точно*) мындайча айтканда, башкача айтканда, жок; **я упа́л, то́ есть не упа́л, а поскользну́лся** мен жыгылып кеттим, жок, жыгылган жокмун, тайгаланып кеттим.

**ТОЖДЕ´СТВЕННОСТЬ** *ж.* окшоштук, так өзүндөйлүк, бирдейлик, кебетелештик; **тожде́ственность двух докуме́нтов** эки документтин окшоштугу; **тожде́ственность взгля́дов** көз караштардын бирдейлиги.

**ТОЖДЕ´СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое окшош, так өзүндөй, бирдей, кебетелеш.

**ТО´ЖДЕСТВО** *ср.* 1. (*полное сходство*) окшоштук, так өзүндөйлүк, кебетелештик; 2. *мат.* бирдейлик (*алгебрада*).

**ТО´ЖЕ** I. *союз* (*также*) да, дагы; **он то́же уе́хал** ал да кетти; 2. *частица разг.* да, дагы, деле, а **ты то́же хоро́ш!** сен да жакшысың!; **вот то́же учи́тель нашёлся!** муну кара, акыл үйрөтмөкчү!

**ТОЖЕ´СТВЕННОСТЬ** *ж. см.* **тожде́ственность.**

**ТОЖЕ´СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое *см.* **тожде́ственный.**

**ТО´ЖЕСТВО** *ср. см.* **то́ждество.**

**той** *мест. род., дат., твор. и предл. п. от* **та.**

**ТОК** I *м.* (*мн.* **то́ки**) ток; **электри́ческий ток** электр тогу; **ток высо́кого напряже́ния** абдан шыкалган ток, напряжениеси күчтүү ток; **включи́ть ток** токту жиберүү; **вы́ключить ток** токту токтотуу.

**ТОК** II *м.* (*мн.* **то́ки**) *с.-х.* кырман.

**ТОК** III *м.* (*мн.* **тока́**) (*место, где токуют птицы*) кээ бир куштардын үйүгүшө турган жайы (жери).

**ТОКА´РНИЧАТЬ** *несов. разг.* токардык кылуу.

**ТОКА´РНЫЙ,** -ая, -ое токардык (*суруп-кырып жасоого арналган жабдык*); **тока́рный стано́к** токардык станок.

**ТОКА´РНЯ** *ж.* токарня (*токарлар иштөөчү жай*).

**ТО´КАРЬ** *м.* токарь (*бир нерсени жыгачтан, темирден суруп-кырып жасоочу уста*); **то́карь по де́реву** жыгач боюнча токарь (*жыгач уста*); **то́карь по мета́ллу** металл боюнча токарь (*темир уста*).

**ТОКОВА´НИЕ** *ср.* куштардын үйүгүшүүсү.

**ТОКОВА´ТЬ** *несов.* куштардын үйүгүшү.

**ТОКСИКО´ЛОГ** *м.* токсиколог (*токсикология боюнча специалист*).

**ТОКСИКОЛОГИ´ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **токсикология**-*га т.*; токсикологиялык.

**ТОКСИКОЛО´ГИЯ** *ж.* токсикология (*уу нерселер жөнүндөгү окуу*).

**ТОКСИ´Н** *м. мед.* токсин (*микроорганизмдерден, ошону менен бирге кээ бир өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан чыгып, адамды ооруу кылуучу уу заттар*).

**ТОКСИ´ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое уулуу, ууландыруучу.

**ТОКСИ´ЧНОСТЬ** *ж. мед.* уулуулук, уулaндыргычтык (*кээ бир химиялык заттардын жандуу организмдерге зыяндуу таасир көрсөтүүгө ийкемдүүлүктөрү жана уулуулугу*).

**ТОКСИ´ЧНЫЙ,** -ая, -ое уулуу, ууландыруучу; **токси́чные хими́ческие вещества́** уулуу химиялык заттар.

**ТО´ЛЕВЫЙ,** -ая, -ое **толь**-*го т.*; **то́левая кры́ша** толь менен жабылган чатыр (*үйдүн төбөсү*).

**ТО´ЛИКА** *ж.*: **ма́лая то́лика** *или* **не́которая то́лика** *разг.* аз гана, кичине гана, бир аз.

**ТОЛК** *м.* 1. (*смысл*) маани; **не доби́ться то́лку** эч бир натыйжа чыгара албоо; **рассужда́ть с то́лком** маанилүү сөз сүйлөө; **сби́ться с то́лку** маанисиз сөз сүйлөө, адашуу; **сбить с то́лку** адаштыруу; **он всё де́лает с то́лком** ал бардыгын, жайын билип, иштейт; **бе́з толку** маани чыкпаган, мааниси жок, маанисиз, куру-бекер; 2. *разг.* (*польза*) пайда, береке; **из него́ то́лку не бу́дет** андан эч нерсе чыкпайт; **из него́ бу́дет толк** андан бир нерсе чыгат; **како́й в нём толк?** андан эмне чыгат дейсиң?; 3. **то́лки** *мн.* (*слухи*) миш-миш, имиш-имиш, узун кулак кабар; **не придава́ть значе́ния то́лкам** имиш-имиш сөздөргө маани бербөө; ◇ **понима́ть (знать) толк** *в чём-л. разг.* бир нерсенин маанисине түшүнүү, жайын билүү; **взять в толк** *разг.* түшүнүү.

**ТОЛКА´НИЕ** *ср. спорт.* түртүп ыргытуу; **толка́ние ядра́** ядрону түртүп ыргытуу.

**ТОЛКА´ТЬ** *несов.* 1. *см.* **толкну́ть** 1, 2, 3; 2. *что, спорт.* түртүп көтөрүү; **толка́ть ядро́** ядрону түртүп ыргытуу; **толка́ть шта́нгу** штанганы түртүп көтөрүү.

**ТОЛКА´ТЬСЯ** *несов.* 1. *во что, разг.* (*толкать*) умтулуу; **толка́ться в дверь** эшикке кирем деп умтулуу; 2. (*толкать друг друга*) жөөлөшүү, түрткүлөө, жөөлөө; **не толка́йтесь!** түртүшпөгүлө!, түртпөңүз!; 3. *разг.* (*слоняться без дела*) сандалуу, сандалып жүрүү; 4. *разг.* (*обращаться*) кайрылуу, түртүп көрүү, аракет кылып көрүү; **я толка́лся во все две́ри** мен түртүп көрбөгөн эшик калбады, менин кирбеген эшигим калган жок.

**ТОЛКА´Ч** *м.* 1. *ж.-д.* түрткүч (*поезддин составын артынан түртүүчү жардамчы паровоз*); 2. *перен. разг.* (*о человеке*) түрткүч, түрткүчү.

**ТОЛКНУ´ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* түртүү, итерүү; **толкну́ть** *кого-л.* **ло́ктем** *бирөөнү* чыканагы менен түртүү; 2. *что, перен. разг.* (*продвинуть вперёд*) алга түртүү, илгерилетүү; **толкну́ть де́ло** ишти илгерилетүү; 3. *кого-что на что, перен.* (*побудить*) түртүү, дуушар кылуу; **толкну́ть на преступле́ние** кылмышка түртүү; 4. *спорт. см.* **толка́ть** 2.

**ТОЛКОВА´НИЕ** *ср.* 1. (*истолкование*) түшүндүрүү, түшүнүк берүү; **толкова́ние зако́на** закондун түшүнүгүн берүү; 2. (*высказывание, объяснение*) түшүнүк, түшүндүрмө; **дать пра́вильное толкова́ние** *чему-л.* *бир нерсеге* туура түшүнүк берүү.

**ТОЛКОВА´ТЕЛЬ** *м.* түшүндүрүүчү, түшүнүк берүүчү.

**ТОЛКОВА´ТЬ** *несов.* 1. *что* (*давать разъяснение*) түшүндүрүү, түшүнүк берүү, маанисин түшүндүрүү; **толкова́ть зако́н** законду түшүндүрүү; 2. *кому, разг.* (*разъяснять*) айтып түшүндүрүү; **я ему́ об э́том и толку́ю** мен буга ошонун өзүн айтып отурам; 3. *с кем, о ком-чём, разг.* (*разговаривать*) сүйлөшүү; **толкова́ть о дела́х** иш жөнүндө сүйлөшүү.

**ТОЛКО´ВЫЙ,** -ая, -ое 1. *разг.* (*разумный, понятливый*) акылдуу, зээндүү, жөндөмдүү, сөзгө түшүнө турган; **толко́вый челове́к** акылдуу киши; 2. (*ясный, понятный*) айкын, түшүнүктүү, ачык, даана; **толко́вое разъясне́ние** ачык түшүнүк, даана түшүндүрүү; 3. (*содержащий объяснения*) түшүндүрмөлүү; **толко́вый слова́рь** түшүндүрмөлүү сөздүк.

**ТО´ЛКОМ** *нареч. разг.* дурустап, жөнү менен, түшүнүктүү кылып; **скажи́ то́лком, чего́ тебе́ на́до?** түшүндүрүп айтчы, сага эмне керек?

**ТОЛКОТНЯ´** *ж. разг.* түртүшмө, тыгылыш, тополоң.

**ТОЛКУ´ЧИЙ,** -ая, -ее: **толку́чий ры́нок** *см.* **толку́чка** 2.

**ТОЛКУ´ЧКА** *ж. разг.* 1. *см.* **толкотня́**; 2. (*рынок*) жайма базар, чайкоо (*ар ким өз буюмун көтөрүп сатма базар*).

www.bizdin.kg

**ТОЛМА́Ч** *м. уст.* тилмеч.

**ТОЛОКНО́** *ср.* талкан.

**ТОЛО́ЧЬ** *несов. что* талкалоо, майдалоо, жанчуу, жанчып майдалоо; **толо́чь са́хар** кантты жанчып майдалоо; ◇ **толо́чь во́ду в сту́пе** *погов.* сокуга суу жанчуу (*берекесиз иш кылуу; маанисиз, курулай иш кылуу же ошол эле сөздү сүйлөй берүү*).

**ТОЛО́ЧЬСЯ** *несов. разг.* **1.** сандалуу, бош жүрүү; **толо́чься на ме́сте** бир жерде бекер эле бош жүрө берүү; **2.** *страд. к* **толо́чь.**

**ТОЛПА́** *ж.* жыйын, үйүлгөн топ, жыйылган калың эл, топтошкон эл; **толпа́ наро́да** үйүлгөн эл, жыйылган эл; **толпа́ ребяти́шек** топтошкон балдар.

**ТОЛПИ́ТЬСЯ** *несов.* үймөлөктөшүп туруу, тыгылышып туруу, топтошуп туруу; **наро́д толпи́тся на пло́щади** эл аянтта топтошуп турат.

**ТОЛПО́Й** *нареч* чогуу, чогулуп, топтолушуп, жыйналышып, үймөлөктөшүп; **стоя́ть толпо́й** топтошуп туруу.

**ТОЛПО́Ю** *нареч. см.* **толпо́й.**

**ТОЛСТЕ́ТЬ** *несов.* семирүү, жооноюу, курсагы чыгуу.

**ТОЛСТИ́ТЬ** *несов. кого, разг.* жоонойтуу, жоон кылып көрсөтүү; **э́то пла́тье её толсти́т** бул көйнөк аны (*аялды*) жоонойтуп көрсөтөт.

**ТОЛСТО́ВКА** *ж.* толстовка (*эркектердин бүйүрмөлөп тигилген, бел боолуу кең көйнөгү*).

**ТОЛСТОГУ́БЫЙ,** -ая, -ое эрди калың, калың эриндүү, калбык эрин.

**ТОЛСТОКО́ЖИЙ,** -ая, -ее **1.** (*с толстой кожей*) териси калың, кабыгы калың; **толстоко́жая ды́ня** кабыгы калың коон; **2.** (*из толстой кожи*) калың тери; **толстоко́жий реме́нь** калың териден (булгаарыдан) жасалган кур; **3.** *перен. разг.* (*неотзывчивый, грубый*) териси калың неме, копол; **толстоко́жий челове́к** копол киши.

**ТОЛСТОПУ́ЗЫЙ,** -ая, -ое *разг.* чердейген, чардагай, чоң курсак, челкейген, чалкайган, ичи челектей.

**ТОЛСТОСТЕ́ННЫЙ,** -ая, -ое калың дубалдуу, дубалы калың, боору калың; **толстосте́нный сосу́д** боору калың идиш.

**ТОЛСТОСУ́М** *м. разг. уст.* бай, малдуу, чөнтөктүү.

**ТОЛСТОЩЁКИЙ,** -ая, -ое тултук бет, тултук, бултугуй, бултук бет.

**ТОЛСТУ́ХА** *ж. разг.* жоон аял; болтогой, эткээл аял.

**ТОЛСТУ́ШКА** *ж. уменьш.-ласк. от* **толсту́ха.**

**ТО́ЛСТЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*полный*) жоон, семиз; **то́лстый мужчи́на** семиз эркек; **2.** калың; **то́лстая кни́га** калың китеп; **то́лстое сукно́** калың сукно; ◇ **то́лстый журна́л** адабияттык олуттуу мааниси бар журнал; **то́лстый карма́н** *разг.* чөнтөгүндө акчасы көп киши; чөнтөгү калың.

**ТОЛСТЯ́К** *м. разг.* жоон эркек.

**ТОЛЧЕ́НИЕ** *ср.* талкалоо, жанчуу, майдалоо.

**ТОЛЧЁНЫЙ,** -ая, -ое талкаланган, майдаланган, жанчылган, күкүмдөлгөн; **толчёный са́хар** жанчылган кант.

**ТОЛЧЕЯ́** *ж.* **1.** (*давка*) көп эл кысылышкан, сыгылышкан жай; **2.** (*небольшая мельница*) жуваз (*куйшөгүч; мында данды күйшөйт, кабыгынан ажыратат*).

**ТОЛЧО́К** *м.* **1.** (*удар*) кагылыш, түртүлүш, силкинүү, силкиниш; түрткү; **подзе́мные толчки́ при землетрясе́нии** жер титирөөдө жер астында болгон силкиниш; **2.** *перен.* (*побуждение*) түрткү, себеп; **3.** *спорт.* көтөрүп түртүү (*ийни менен тең кылып көтөрүп турган оордукту баштан өйдө кылып түртүп көтөрүү*).

**ТО́ЛЩА** *ж.* калыңдык, катмардын калыңдыгы, калың катмар; **то́лща земно́й коры́** жер кыртышынын калыңдыгы; **то́лща атмосфе́ры** атмосферанын калыңдыгы; **в то́лще наро́да** калың элдин ичинде.

**ТОЛЩИНА́** *ж.* **1.** (*полнота*) жоондук, семиздик; **2.** калыңдык, калың; **сукно́ значи́тельной толщины́** бир канча калың сукно.

**ТОЛЬ** *м.* толь (*суу өткүс кылынып смола менен майланган калың картон кагаз; бул көбүнчө чатырдын үстүн жабууга жумшалат*).

**ТО́ЛЬКО 1.** *нареч. ограничительное* эле, гана, -да, жалгыз; **то́лько он мо́жет реши́ть э́тот вопро́с** бул маселени жалгыз гана ал чече алат; **э́то сто́ит то́лько три рубля́** бул үч гана сом турат; **э́то то́лько нача́ло** бул башталышы гана; **рабо́та то́лько ещё начина́ется** жумуш жаңы гана башталып жатат; **все гото́вы, а он то́лько одева́ется** баары даяр, ал болсо, жаңы гана кийинип жатат; **2.** *союз* (*в соединении с союзом «как», «лишь», «едва»*) замат эле, менен эле; **как то́лько прие́дешь, напиши́ нам** жетериң менен эле бизге жазып жибер; **3.** *союз противит.* (*однако, но, при условии*) бирок; **я согла́сен е́хать, то́лько не сейча́с** мен барууга макулмун, бирок азыр эмес; **4.** *частица* (*с «бы» выражает желание*) -са экен, эле, эптеп эле; **то́лько бы попа́сть на э́ту ле́кцию!** эптеп эле ушул лекцияга кирсем экен!; **5.** *частица* (*после местоимений, наречий, союзов для усиления выразительности*) гана; **заче́м то́лько ты э́то сде́лал!** сен ушуну эмне үчүн иштедиң экен!; ◇ **не то́лько..., но и...** ал гана эмес, дагы...; **не то́лько я, но и други́е говоря́т то же са́мое** жеке гана мен эмес башкалар да ошондой деп айтышат; **то́лько-то́лько** 1) (*едва*) араң-араң, арацдан зорго; 2) (*недавно*) азыр гана, азыр эле, эми эле; **то́лько и всего́** ушул эле; **то́лько и всего́?** ушул элеби?; **то́лько что** азыр гана, азыр эле; **он то́лько что прие́хал** ал азыр эле келди.

**ТОМ** *м.* том.

**том** *мест. предл. п. от* **тот, то** II (*предлогдордон кийин колдонулат*).

**ТОМА́Т** *м.* **1.** *бот.* томат; **2.** томат (*помидордон эзилип жасалган пюре*).

**ТОМА́ТНЫЙ,** -ая, -ое **томат**-*ка т.*

**ТОМИ́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое зарыктыруучу, чарчатуучу, алсыратуучу, зериктирүүчү; **томи́тельное ожида́ние** зарыктырган күтүү; **томи́тельный зной** күндүн алсыратуучу ысыгы.

**ТОМИ́ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*мучить*) чарчатуу, алсыратуу, жүдөтүү, кыйноо; **его́ томи́т жа́жда** анын каны катып алсырап турат; **2.** *что, кул.* демдеп бышыруу, быктырып бышыруу; **томи́ть мя́со** этти быктырып бышыруу; **3.** *что* (*о металле*) табына жеткирүү; **томи́ть сталь** темирди көпкө чейин кыздыра берип болотко айландыруу.

**ТОМИ́ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*мучиться*) чарчоо, алсыроо, зарыгуу, кыйналуу, жапа тартуу; **томи́ться в ожида́нии** *чего-л.* *бир нерсени* күтүп зарыгуу; **2.** (*напр. об овощах, мясе*) демделип бышуу, быгып бышуу; **3.** *страд. к* **томи́ть.**

**ТОМЛЕ́НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) кыйнаш, азапташ, зарыктырыш, кыйналыш, азапташыш, зарыгыш, зеригиш, азап чегиш; **2.** *кул.* (*напр. мяса*) демдөө, быктыруу; **3.** *тех.* (*действие*) табына жеткизүү; **4.** (*мучение*) зарыгуу, чарчоо, кыйналуу, жапа тартуу; **испы́тывать томле́ние** кыйналгандыкты баштан өткөрүү.

**ТОМЛЁНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *тех.* табына жеткен; **томлёная сталь** табына жеткен болот; **2.** демдеп бышырылган, быктырып бышырган; **томлёное мя́со** быктырып бышырылган эт.

**ТО́МНО** *нареч.* магдырап, көшүп; **то́мно вздохну́ть** магдырап үшкүрүп коюу.

**ТО́МНОСТЬ** *ж.* магдырагандык, көшүгөндүк.

**ТО́МНЫЙ,** -ая, -ое магдыраган, көшүгөн; **то́мный взгляд** магдыраган көз караш.

**ТОМПА́К** *м.* томпак (*жез менен цинктин эритиндиси, латунь*).

**ТОМПА́КОВЫЙ,** -ая, -ое **томпак**-*ка т.*

**тому́** *мест. дат. п. от* **тот, то** II.

**ТОН** *м.* **1.** *физ.* тон (*абанын периодикалык толкушунан пайда болгон тыбыш*); **2.** *муз.* тон, үн (*үндүн сапаты*);

www.bizdin.kg

**ни́зкий тон** жоон үн; **высо́кий тон** ичке үн; **мя́гкий тон** жумшак үн; 3. *мед.* үн (*жүрөктүн соккон үнү*); 4. *жив.* (*оттенок цвета*) түр, раң, түс; **све́тлые тона́ карти́ны** сүрөттүн ачык түстөрү; 5. (*оттенок речи*) тон, үн (*үндүн чыгышы*); **говори́ть споко́йным то́ном** жай-баракат гана үн менен сүйлөө; **перемени́ть тон** тонун (үнүн) өзгөртүү; 6. *перен. уст.* (*характер поведения*) адеп, мүнөздүн түрү, өзүн алып жүрө билүү, мүнөз; **хоро́ший тон** адептүүлүк, сыпайылык; ◇ **задава́ть тон** *см.* **задава́ть; попа́сть в тон** *бирөөгө* жагымдуу сүйлөө *же* жагымдуу иш кылуу; **то́ном ни́же** (*говорить*) үнүн басандатып (*сүйлөө*); **то́ном вы́ше** (*говорить*) үнүн көтөрө (*сүйлөө*).

**ТОНА'ЛЬНОСТЬ** *ж. муз.* тональность (*музыкалык чыгарманын негизине алынган тигил же бул гамма*).

**ТО'НЕНЬКИЙ,** -ая, -ое *уменьш.-ласк. от* **то́нкий** ипичке, эң ичке, жупжука; **то́ненький голосо́к** ипичке үн; **то́ненькая ве́точка** ипичке бутакча; **то́ненькая ко́жица** жупжука тери.

**ТОНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, мед., физиол.* сергитүү (*өзгөчө бир дарынын жардамы менен бүткүл организмдин же айрым мүчөнүн кубатын жогорулатуу*).

**ТОНИНА'** *ж.* жукалык, ичкелик; **тонина́ ни́ти** жиптин ичкелиги; **тонина́ бума́ги** кагаздын жукалыгы.

**ТОНИ'ЧЕСКИЙ** I. -ая, -ое тоникалык; **тони́ческое стихосложе́ние** *лит.* ырдын тоникалык түзүлүшү (*басымдуу, басымсыз муундардын дурус кезектешип келишине негизделген ыр түзүлүшү*).

**ТОНИ'ЧЕСКИЙ** II, -ая, -ое *мед., физиол.* тоникалык, сергиткич (*бардык организмдин же айрым мүчөнүн кубатын жогорулатуучу, бекемдөөчү дары*); **тони́ческие сре́дства** тоникалык дарылар.

**ТО'НКИЙ,** -ая, -ое 1. жука, ичке; **то́нкая тетра́дь** жука дептер; **то́нкая нить** ичке жип; **то́нкий слой песка́** кумдун жука катмары; **то́нкая та́лия** кыпча бел; 2. (*высокий — о звуках*) ичке, бийик; **то́нкий го́лос** ичке үн; 3. *перен.* (*утончённый*) назик; **то́нкие черты́ лица́** өңү назик; 4. *перен.* (*искусный*) чебер, кылдат; **то́нкая рабо́та** чебер иш; 5. *перен.* (*деликатный*) кычыктуу; **то́нкий вопро́с** кычыктуу маселе; 6. *перен.* (*чуткий, изощрённый*) назик, өткүр; **то́нкий слух** кулагы өткүр; 7. *перен.* (*проницательный, острый*) чебер, өткүр; **то́нкий кри́тик** чебер сынчы; 8. (*малозаметный*) аз айырмаланган, болор-болбос айырма, аз сезилген; **то́нкое разли́чие** аз сезилген айырма.

**ТО'НКО** *нареч.* 1. жука; **то́нко наре́зать** жука кылып кесүү; 2. *перен.* чебердик менен, кылдаттык менен, терең түшүнүп; **то́нко разбира́ться** *в чём-л. бир нерсени* өтө чебер талдап билүү; ◇ **где то́нко, там и рвётся** *погов.* жука жерден жыртылат, ичке жерден үзүлөт.

**ТОНКОВОЛОКНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое ичке булалуу; **тонковолокни́стый хло́пок** ичке булалуу пахта.

**ТОНКОЗЕРНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое *геол.* майда бүртүктүү; **тонкозерни́стая поро́да** майда бүртүктүү тоо теги.

**ТОНКОКО'ЖИЙ,** -ая, -ее жука кабыктуу, жука терилүү; **тонкоко́жий апельси́н** жука кабыктуу апельсин.

**ТОНКОНО'ГИЙ,** -ая, -ое ичке буттуу, чий бут.

**ТОНКОПРЯДЕ'НИЕ** *ср.* ичке ийрүү, кылдат ийрүү (*ийрүүнүн акыркы процесси*).

**ТОНКОПРЯДИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **тонкопрядение**-*ге т.*

**ТОНКОРУ'ННЫЙ,** -ая, -ое *с.-х.* уяң жүндүү; **тонкору́нные о́вцы** уяң жүндүү койлор; **тонкору́нное овцево́дство** уяң жүндүү кой өстүрүүчүлүк.

**ТОНКОСТЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое капталы жука, дубалы жука; **тонкосте́нный сосу́д** капталы жука идиш.

**ТО'НКОСТЬ** *ж.* 1. жукалык, ичкелик; **то́нкость волокна́** буланын ичкелиги; 2. *перен.* (*утончённость*) назиктик; 3. *перен.* (*искусность*) чебердик, кылдаттык; 4. *перен.* (*деликатность*) адептүүлүк; 5. *перен.* (*изощрённость*) сезгичтик; 6. *перен.* (*проницательность*) чебердик, өткүрлүк; 7. *чаще мн.* (*подробность*) ийне-жибине чейин, майда-чүйдөсүнө чейин; **он зна́ет своё де́ло до то́нкостей** ал өзүнүн ишин ийне-жибине чейин билет.

**ТОНКОСУКО'ННЫЙ,** -ая, -ое жука сукнолуу; **тонкосуко́нная ткань** жука сукнолуу кездеме.

**ТОНКОШЕ'РСТНЫЙ,** -ая, -ое 1. *см.* **тонкору́нный;** 2. (*из тонкой шерсти*) уяң жүндүү; **тонкоше́рстное сукно́** уяң жүндөн токулган сукно.

**ТОНКОШЁРСТЫЙ,** -ая, -ое *см.* **тонкоше́рстный.**

**ТОНМЕ'ЙСТЕР** *м.* тонмейстер (*радио аркылуу бергенде радионун үнүн иреттеп туруучу радио кызматкери*).

**ТО'ННА** *ж.* тонна (*метрикалык системада 1000 килограмм оордуктагы салмак*).

**ТОННА'Ж** *м.* тоннаж (1. *мор. кеменин алган ордунан кысылып чыккан суунун салмагы; бул суу кеменин оордугуна барабар;* 2. *тех. вагондордун же автомобилдердин тонна менен жүк көтөрүшү*).

**ТОННЕ'ЛЬ** *м. см.* **тунне́ль.**

**ТО'НУС** *м. мед., физиол.* тонус (*организмдин же айрым ткандардын тиричилик аракеттери*).

**ТОНУ'ТЬ** *несов.* чөгүү, батуу; **де́рево в воде́ не то́нет** жыгач сууда чөкпөйт; ◇ **тону́ть в дела́х** ишке чөмүлүү, иштен кол бошобоо; **дома́ то́нут в зе́лени** үйлөр бак-дарактын арасынан көрүнбөйт.

**ТОНФИ'ЛЬМ** *м.* тонфильм (*сүйлөөчү фильм*).

**ТО'НЬШЕ** *сравн. ст. от прил.* **то́нкий** *и нареч.* **то́нко** -дан ичке, ичкерээк, -дан жука, жукараак.

**ТО'НЯ** *ж.* тоня (1. *балык кармоочу жай;* 2. *балык кармоочу ишкана;* 3. *балык кармоочу чоң торду бир жолу сууга салуу*).

**ТОПА'З** *м. мин.* топаз (*кымбат баалуу таштын бир түрү*).

**ТОПА'ЗОВЫЙ,** -ая, -ое **топаз**-*га т.*

**ТО'ПАНЬЕ** *ср.* жер тепкилөө, кадам койгондо катуу басуу.

**ТО'ПАТЬ** *несов.* түрсүлдөтүп басуу.

**ТОПИ'ТЬ** I *несов. что* 1. (*разводить огонь*) жылытуу үчүн жагуу, от жагуу; **топи́ть печь** мешке от жагуу, мешти жагуу; 2. (*обогревать*) жагып жылытуу; **топи́ть кварти́ру** квартираны меш жагып жылытуу.

**ТОПИ'ТЬ** II *несов. что* эритүү, сызгыруу; **топи́ть воск** момду эритүү; **топи́ть молоко́** сүттү быктырып бышыруу.

**ТОПИ'ТЬ** III *несов. кого-что* 1. (*заставлять тонуть*) чөктүрүү, чөктүрүп жиберүү, батыруу; **топи́ть суда́ неприя́теля** душмандын кемелерин чөктүрүү; 2. *перен. разг.* (*губить*) жала жаап болтурбай салуу, тузакка түшүрүү, бүлдүрүү; **топи́ть хоро́шее де́ло** жакшы ишке тоскоолдук кылып болтурбай салуу, бүлдүрүү.

**ТОПИ'ТЬСЯ** I *несов.* 1. (*о печи*) жылытуу үчүн от жагылуу; 2. *страд. к* **топи́ть** I.

**ТОПИ'ТЬСЯ** II *несов.* 1. сызгырылуу, эрүү; 2. *страд. к* **топи́ть** II.

**ТОПИ'ТЬСЯ** III *несов.* 1. (*о человеке*) өзүн сууга батыруу, сууга чөгүп өлүү; 2. *страд. к* **топи́ть** III.

**ТО'ПКА** *ж.* 1. (*действие*) от жагуу; 2. (*часть печи, котла*) топка, меш (*мештин оозу*); **паро́возная то́пка** паровоздун топкасы (меши).

**ТО'ПКИЙ,** -ая, -ое саздуу, сормо ылайлуу, баткактуу; **то́пкий бе́рег** суунун саздуу жээги.

**ТОПЛЕ'НИЕ** *ср.* эритүү; **топле́ние во́ска** момду эритүү.

**ТОПЛЁНЫЙ,** -ая, -ое эриген, эритилген, сызгырылган, бышырган; **топлёное ма́сло** сары май; **топлёное молоко́** быктырып бышырган сүт.

**ТО'ПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое отун-энергетикалык; **то́пливно-энергети́ческое хозя́йство** отун-энергетикалык чарба.

**ТО'ПЛИВНЫЙ,** -ая, -ое **топливо**-*го т.*

**ТО'ПЛИВО** *ср.* отун; **твёрдое то́пливо** катуу отун (*көмүр, жыгач*); **жи́дкое то́пливо** суюк отун (*нефть*).

www.bizdin.kg

**ТО'ПНУТЬ** *однокр.* жер тебүү, жерди тээп коюу.

**ТОПО'ГРАФ** *м.* топограф (*топография боюнча специалист*).

**ТОПОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **топография**-*га т.*; топографиялык; **топографи́ческая ка́рта** топографиялык карта; **топографи́ческая съёмка** топографиялык съёмка; ◊ **топографи́ческая анато́мия** денени бөлүктөрүнүн жана органдарынын өз ара жайланышын үйрөнүүчү анатомия.

**ТОПОГРА'ФИЯ** *ж.* топография (**1.** *картага же планга түшүрүү максатында жердин үстүңкү кабатын өлчөөнүн методдорун үйрөнүүчү, геодезиянын бөлүмү*; **2.** *бир жердин үстү жана андагы бөлүктөрдүн өз ара жайланышы*).

**ТО'ПОЛЕВЫЙ,** -ая, -ое **тополь**-*го т.*; теректүү; **то́полевая ро́ща** теректүү бак.

**ТО'ПОЛЬ** *м.* терек; **пирамида́льный то́поль** мырза терек; **бе́лый (серебри́стый) то́поль** ак терек.

**ТОПОНИ'МИКА** *ж.* топонимика; *см.* **топони́мия.**

**ТОПОНИ'МИЯ** *ж.* топонимия (**1.** *бир өлкөнүн же жердин географиялык аттарынын жыйындысы*; **2.** *лингв. тил илиминин географиялык аттарды үйрөнүүчү бөлүмү*).

**ТОПО'Р** *м.* балта.

**ТОПОРИ'ЩЕ** *ср.* (*рукоятка топора*) балтанын сабы.

**ТОПО'РНЫЙ,** -ая, -ое (*грубый, неуклюжий*) одоно, эби-сыны жок, эпсиз, копол; **топо́рная рабо́та** копол иштелген нерсе.

**ТОПО'РЩИТЬ** *несов. что* тикирейтүү, тик тургузуу; **дикобра́з топо́рщит и́глы** чүткөр ийнелерин тикирейтип турат; **топо́рщить усы́** мурутун тикирейтүү.

**ТОПО'РЩИТЬСЯ** *несов. разг.* **1.** үрпүйүү, тикирейүү, сербейүү; **ко́шка топо́рщится** мышык үрпөйөт; **усы́ топо́рщатся** мурутттары тикирейип турат; **2.** (*о платье, материи*) колдоюу, долдоюу.

**ТО'ПОТ** *м.* дүбүрт, дүбүр; **ко́нский то́пот** аттын дүбүртү.

**ТОПОТА'ТЬ** *несов. разг.* дүбүрттөтүү.

**ТОПТА'НИЕ** *ср.* **1.** тебелөө, тепсөө; **2.** (*на месте*) бир жерде салмагын улам бир бутуна салып туруу, бир жерде басып тура берүү, бир жерден жылбоо; ◊ **топта́ние на ме́сте** бир орундан жылбоо.

**ТОПТА'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*мять*) тебелөө, тепсөө, тебелеп таштоо, тепсеп таштоо; тебелеп булгоо (*грязнить*); **топта́ть траву́** чөптү тебелөө, тепсөө; **не топчи́те пол** полду тебелеп булгабагыла; **2.** *что, разг.* (*снашивать обувь*) жыртуу; ◊ **топта́ть в грязь** жаманатты кылуу.

**ТОПТА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*переступать с ноги на ногу*) бир жерде салмагын улам бир бутуна салып туруу, бир жерде басып тура берүү, бир жерден жылбоо; **2.** *перен.* (*бесцельно ходить*) жөнү жок басып жүрө берүү; сенделип, бош жүрө берүү, бекер жүрүү; ◊ **топта́ться на ме́сте** бир орундан жылбоо.

**ТОПЧА'Н** *м.* топчан (*жөнөкөй жыгач керебет*).

**ТОПЬ** *ж.* сормо саз, тартма жер, баткактуу жер.

**ТО'РБА** *ж.* дорбо, кап; ◊ **носи́ться как дура́к с пи́саной то́рбой** *с кем-чем-л. разг.* болбогон нерсени оозунан түшүрбөй мактап жүрүү, ошону менен иришүү.

**ТОРГ** *м.* **1.** (*действие*) соода кылуу; **2.** *уст.* (*базар*) базар; **3. торги́** *мн.* (*аукцион*) тоорук; **прода́ть с торго́в** тоорук кылып сатуу.

**ТОРГА'Ш** *м. разг. презр.* алып сатар, соодагер, кызыл кулак.

**ТОРГА'ШЕСКИЙ,** -ая, -ое **торгаш**-*ка т.*; **торга́шеские зама́шки** соодагердин (кызыл кулактын) кылыктары.

**ТОРГА'ШЕСТВО** *ср. разг. презр.* алып сатарчылык, соодагерчилик, кызыл кулактык.

**ТОРГИ'** *мн. см.* **торг** 3.

**ТОРГОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *кем-чем* (*вести торговлю*) соода кылуу; **торгова́ть хле́бом** эгин сатуу, нан сатуу; **торгова́ть в ро́зницу** чекене соода кылуу; **2.** (*быть открытым для торговли*) соода кылуу, сатуу.

**ТОРГОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *с кем-чем* (*сговариваться о цене*) соодалашуу; **2.** *перен. разг.* (*спорить с целью выгоды*) соодалашуу, талашуу.

**ТОРГО'ВЕЦ** *м.* соодагер; **кру́пный торго́вец** ири соодагер; **ме́лкий торго́вец** майда соодагер.

**ТОРГО'ВКА** *женск. р. к* **торго́вец.**

**ТОРГО'ВЛЯ** *ж.* соода; **госуда́рственная торго́вля** мамлекеттик соода; **вну́тренняя торго́вля** ички соода; **вне́шняя торго́вля** тышкы соода; **ро́зничная торго́вля** чекене соода; **опто́вая торго́вля** дүң соода.

**ТОРГО'ВО-ПРОМЫ'ШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое соода-өнөр жай; **торго́во-промы́шленный центр** соода-өнөр жай борбору.

**ТОРГО'ВЫЙ,** -ая, -ое **торговля**-*га т.*; **торго́вый догово́р** соода договору; **торго́вая сеть** соода тармагы.

**ТОРГПРЕ'Д** *м.* (торго́вый представи́тель) торгпред (соода өкүлү).

**ТОРГПРЕ'ДСТВО** *ср.* (торго́вое представи́тельство) торгпредство (соода өкүлдүгү).

**ТОРЕАДО'Р** *м.* тореадор (*Испанияда — бука менен кармашуучу киши*).

**ТОРЕ'Ц** *м.* **1.** (*поперечный разрез бревна*) устундун туурасынан таарылып кесилген жери; **2.** (*брусок*) чүркө, чөркө; **мостова́я из торцо́в** чүркө төшөлгөн көчө (жол).

**ТОРЖЕ'СТВЕННОСТЬ** *ж.* салтанаттуулук.

**ТОРЖЕ'СТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*праздничный*) салтанаттуу; **торже́ственное собра́ние** салтанаттуу жыйналыш; **2.** (*важный, серьёзный*) көтөрүңкү түрдө, салмактуу түрдө (*мис. кулуу, сүйлөө*); **3.** (*нерушимый*) бекем, бузулбас; **торже́ственное обеща́ние** бузулбас убада.

**ТОРЖЕСТВО'** *ср.* **1.** (*празднование*) салтанат; **Октя́брьские торжества́** Октябрдык салтанаттар; **2.** (*победа, успех*) салтанат; **торжество́ сове́тского стро́я** советтик түзүлүштүн салтанаты; **торжество́ справедли́вости** адилеттиктин салтанаты; **3.** (*радость*) кубаныч, шаттык; **на лице́ его́ отрази́лось торжество́** анын жүзүнө кубаныч кирди.

**ТОРЖЕСТВОВА'ТЬ** *несов.* **1.** *что* (*праздновать*) салтанаттуу майрамдоо; **торжествова́ть побе́ду** жеңишти салтанаттуу майрамдоо; **2.** *над кем-чем* (*иметь успех, быть победителем*) жеңиштүү болуу, шаңдануу; **торжествова́ть над враго́м** душманды жеңип шаңдануу.

**ТОРЖЕСТВУ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **торжествова́ть;** **2.** *прил.* салтанаттуу, көңүлү көтөрүңкү.

**ТО'РИЙ** *м. хим.* торий (*химиялык элемент*).

**ТОРМА'ШКИ: полете́ть вверх торма́шками** *разг.* аягы асманга чыгып калуу, оңко-чоңкосунан кетүү; **всё пошло́ вверх торма́шками** иштин бардыгы баш аламан болуп кетти.

**ТОРМОЖЕ'НИЕ** *ср.* тормоздоо, тормоз кылуу; **автомати́ческое торможе́ние** автоматтык жол менен тормоздоо.

**ТО'РМОЗ** *м.* **1.** (*мн.* **тормоза́**) *тех.* тормоз (*машинанын же арабанын дөңгөлөгүн акырындаткыч же токтоткуч прибор*); **ручно́й то́рмоз** кол тормоз; **ножно́й то́рмоз** бут тормоз; **2.** (*мн.* **то́рмозы**) *перен.* (*помеха, препятствие*) тоскоол, кедерги, жолто.

**ТОРМОЗИ'ТЬ** *несов. что* **1.** *тех.* тормоздоо, тормоз кылуу (*кыймылды тормоз менен акырындатуу же токтотуу*); **тормози́ть маши́ну** машинаны тормоздоо; **2.** *перен.* (*препятствовать, мешать*) тоскоолдук кылуу; **тормози́ть рабо́ту** жумушка тоскоолдук кылуу.

**ТОРМОЗНО'Й,** -а́я, -о́е **тормоз** 1-*ге т.*; **тормозно́й башма́к** *ж.-д.* тормоз башмагы (*жүрүп келаткан вагонду токтотуу үчүн дөңгөлөктүн астына коюла турган аспап*).

**ТОРМОШИ'ТЬ** *несов. кого-что, разг.* **1.** (*теребить*) жулкулдатуу, жулкуу, булкуп силкүү; **2.** *перен.* (*надоедать*) тынчын алуу, беймаза кылуу, мазасын кетирүү.

**ТО'РНЫЙ,** -ая, -ое (*о дороге*) тапталган (*жол*); **пойти́ по то́рной доро́жке** *перен.* жаңы жол издебей эле, мурдакылардын жолу менен, башкалар салган жол менен жүрүү.

www.bizdin.kg

**ТОРОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* март, жоомарт, колу ачык.

**ТОРОПИ'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* шаштыруу; **торопи́ть** *кого-л.* **с отве́том** *бирөөнү* жооп берүүгө шаштыруу; **2.** *что* (*приближать наступление чего-л.*) тездетүү, ылдамдатуу; **торопи́ть собы́тия** окуяларды тездетүү.

**ТОРОПИ'ТЬСЯ** *несов.* шашуу, шашкалактоо, ашыгуу; **торопи́ться на рабо́ту** жумушка шашуу; **говори́ть не торопя́сь** шашпай сүйлөө.

**ТОРОПЛИ'ВО** *нареч.* шашып, шашкалактап, шашып-бушуп.

**ТОРОПЛИ'ВОСТЬ** *ж.* шашкалактык, шашмалык, ашыккандык; **избега́йте изли́шней торопли́вости** артыкбаш шашмалыктан качкыла.

**ТОРОПЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** шашкалак, шашма; **торопли́вый челове́к** шашма киши, **2.** (*поспешный, быстрый*) шашкан, шашкалактаган; **торопли́вые движе́ния** шашкалактаган кыймыл.

**ТОРО'С** *м.* торос (*полярдык деңиздерде муздардын кысылышынан пайда болгон оркойгон муздар*).

**ТОРО'СИСТЫЙ,** -ая, -ое **торос**-*ко т.*; торостуу; **торо́систые ледяны́е поля́** торостуу муз талаалары (*муздун чоң-чоң кесеги көп муз талаасы*).

**ТОРПЕ'ДА** *ж. воен.* торпеда (**1.** *өзү жүрүүчү суу алдындагы мина*; **2.** *авиациялык бомбалардын бир түрү*).

**ТОРПЕДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, воен.* торпедалоо, торпеда менен согуу.

**ТОРПЕДИ'СТ** *м. воен.* торпедист (*торпедалык аппаратты тейлөөчү специалист*).

**ТОРПЕ'ДНЫЙ,** -ая, -ое **торпеда**-*га т.*; торпедалык; **торпе́дный аппара́т** торпедалык аппарат.

**ТОРПЕДОМЕТА'НИЕ** *ср. воен., ав.* торпеданы ыргытуу (*мис. самолёттон*).

**ТОРС** *м.* торс (*кишинин же статуянын көөдөнү: башы, колу, буту жок тулкусу*).

**ТОРТ** *м.* торт (*кондитердик таттуу пирог, нан*).

**ТОРФ** *м.* чым көң; **за́лежи то́рфа** чым көңдүү жер; **добы́ча то́рфа** чым көң чыгаруу, чым көңдү казып алуу.

**ТОРФОБРИКЕ'ТЫ** *мн.* (*ед.* **торфобрике́т** *м.*) чым көң брикеттери.

**ТОРФОРАЗРАБО'ТКИ** *только мн.* чым көң казып алуу.

**ТОРФОРЕ'З** *м. тех.* чым көң кесүүчү машина.

**ТОРФЯНИ'К** *м.* **1.** (*торфяное болото*) чым көңдүү саз; **2.** (*специалист по торфу*) чым көң боюнча специалист.

**ТОРФЯНИ'СТЫЙ,** -ая, -ое чым көңдүү; **торфяни́стая по́чва** чым көңдүү жер.

**ТОРФЯНО'Й,** -а́я, -о́е **торф**-*го т.*; чым көңдүү; **торфяны́е разрабо́тки** чым көң казып чыгаруу; **торфяно́е то́пливо** чым көң отун.

**ТОРЦЕВА'ТЬ** *несов. что* чүркө (чөркө) төшөө; **торцева́ть мостову́ю** көчөгө (жолго) чүркө (чөркө) төшөө.

**ТОРЦО'ВЫЙ,** -ая, -ое **торец**-*ке т.*; **торцо́вая мостова́я** чүркө (чөркө) төшөлгөн көчө (жол).

**ТОРЧА'ТЬ** *несов.* **1.** сороюп (серейип, оркоюп, аркайып, эрбейип, арбайып) чыгып туруу; типтик туруу, сексейүү, үрпөйүп (тикирейип) туруу (*о волосах*); **бревно́ торчи́т из воды́** устун суудан сороюп чыгып турат; **у него́ вихры́ торча́т** анын чачы үрпөйүп турат; **2.** *перен. разг.* (*постоянно находиться где-л.*) ар дайым болуу; **торча́ть пе́ред глаза́ми** ар дайым көз алдында туруу.

**ТОРЧКО'М** *нареч. разг.*: **стоя́ть торчко́м** сороюп (серейип, оркоюп, аркайып, эрбейип, арбайып) чыгып туруу; типтик туруу, үрпөйүп (тикирейип) туруу (*о волосах*); **во́лосы у него́ стоя́т торчко́м** анын чачтары типтик болуп турат, анын чачтары үрпөйүп турат.

**ТОРЧМЯ'** *нареч. прост. см.* **торчко́м.**

**ТОСКА'** *ж.* кайгы, сарсанаа, санаа, убайым; сагынуу, көксөө, куса болуу; **тоска́ по ро́дине** родинасын ойлоп сарсанаа болуу, сагынуу.

**ТОСКЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*полный тоски*) кайгылуу, капалуу, куса болгон; **2.** (*вызывающий тоску*) көңүлсүз, зериктире турган; **тосkли́вая пого́да** көңүлсүз аба ырайы.

**ТОСКОВА'ТЬ** *несов. по ком-чём, по кому-чему* куса болуу, сагынуу; **тоскова́ть по друзья́м** досторун сагынуу, досторун сагынып куса болуу.

**ТОСТ** *м.* тост (*бирөөнүн же бир нерсенин урматы үчүн ичүүгө сунуш кылып, столдун жанында сүйлөнүүчү сөз*); **провозгласи́ть тост** тост айтуу; **подня́ть тост** тост көтөрүү.

**ТОТ** *мест. указ.* **1.** тетиги, тиги, баягы, ошол; **да́йте мне вон ту кни́гу** мага тетиги китепти бериңизчи; **э́то тот са́мый челове́к** бул баягы кишинин өзү; **то́т же** ошонун өзү; **в ту́ же мину́ту** ошол эле минутада; **с того́ вре́мени** ошол убактан бери; **я спрошу́ у того́, кто зна́ет** мен билген кишиден сураймын; **2.** (*другой, не этот*) тиги, тигил, аркы; **на том берегу́** аркы өйүздө; **по ту сто́рону** тиги жакта; **3.** (*такой, который нужен*): **я, ока́зывается, сел не в тот ваго́н** мен башка вагонго отуруп калыптырмын; **ты взял не ту кни́гу** сен ал китепти эмес, башка китепти алыптырсың; **э́то всё не то** мунун баары башка; **он тепе́рь не тот** ал азыр баягы эмес; **4.** (*при перечислении противополагается словам: «иной», «другой»*) ал; **ни тот ни друго́й** ал дагы эмес, бул дагы эмес; тигиниси да, мунусу да эмес; **не тот, так друго́й** ал болбосо, башкасы, анысы болбосо, башкасы; **тот уе́хал, а э́тот оста́лся** ал жөнөп кетти, бул калып калды; **5.** *в знач. сущ. ср.* (*при противопоставлении со словом «это»*) ал; **то бы́ло вчера́, а э́то сего́дня** ал кечээ болчу, а бул — бүгүн; **то был мой това́рищ** ал менин жолдошум болчу; ◇ **и без того́** ансыз да, ансыз деле; **не без того́** анысы да жок эмес, анысы да бар, анысы да бар го; **до того́, что...** ...ошончолук, ...ушунчалык, ...ошого чейин; **нет того́, что́бы...** ...ошонун ордуна, ...ошентпей, ...деген жок; **ни с того́, ни с сего́** жылан чакпай, жылкы теппей; **ни то, ни сё** ал да эмес, бул да эмес; иши кылып эле бир деме; **да и то сказа́ть** *разг.* чындыгында; **того́ и гляди́** *или* **того́ и жди** каратып туруп, карасаң эле, ана-мына дегенче эле; **того́ и гляди́ дождь пойдёт** жамгыр жаап жибериши мүмкүн; **вме́сто того́, что́бы...** ...анын ордуна; **де́ло в том, что...** ...да, иш мында да; **к тому́ же** анын үстүнө; **с тем, что́бы...** ...үчүн, ...деп; **я оста́лся до́ма с тем, что́бы порабо́тать** иштейин деп, мен үйдө калдым; **вме́сте с тем** ошону менен бирге, ошону менен катар; **и тому́ подо́бное** дагы ушу сыяктуулар; **по́сле того́, как...** =дан кийин; **то да сё** ал эле, бул эле; **тем бо́лее** асиресе; **тем не ме́нее** ошондой болсо да, ошондо да, анысына карабастан; **мне не до того́** мага ал эмес..., мен ансыз да; **к тому́ же** анын үстүнө, ага кошумча; **тому́ наза́д** *см.* **наза́д; тем он и хоро́ш** ошондуктан ал жакшы да, анын жакшы жери...; **тем вре́менем** *или* **ме́жду тем** ага чейин, ошого дейре, аңгыча; **а то нет?** *разг.* ананчы?; **то и де́ло** *или* **то и знай** улам-улам.

**ТОТАЛИЗА'ТОР** *м.* тотализатор (**1.** *ат чабыштарда — ар бир атка канча байге сайылгандыгын өзү көрсөтүп туруучу счётчик*; **2.** *ат чабыш жана жарыштагы акчалай мелдеш*).

**ТОТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тоталдык (*жалпы, бардыгын ичине алуучу*); **тота́льная война́** тоталдык согуш.

**ТОТЕ'М** *м.* тотем (*алгачкы адамдар уруунун уюткусу деп эсептеп, сыйынышкан айбан же өсүмдүк*).

**ТОТЕМИ'ЗМ** *м.* тотемизм (*байыркы коомдо — тотемдорго сыйынуу*).

**ТО'-ТО** *частица разг.* **1.** (*именно*) так эле; **вот то́-то и есть** так эле ошондой болчу; **2.** (*вот*) ой, ай; **то́-то он удиви́тся** ай, ал таң калат ко; **3.** (*вот почему*) аа, ошондой, **то́-то вы бои́тесь с ним встре́титься** сиз аны менен жолуккандан ошон үчүн коркот турбайсызбы; **4.** (*угроза*) эсиңде болсун, байкап кой; **то́-то же, смотри́!** эсиңде болсун!, байкап кой!

www.bizdin.kg

**ТО'ТЧАС** *нареч.* ошол замат, заматта, дароо; **то́тчас приду́** ошол замат келемин.

**ТОЧЁНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*острый, наточенный*) учталган, курчутулган, кайралган; **точёный нож** курчутулган бычак; 2. (*выточенный*) кырып жасалган, жонуп иштелген, өгөөлөп иштелген; 3. *перен.* (*изящный, тонкий*) ичке, назик, копшогондой; **точёные черты́ лица́** жүзү назик келген; **точёные па́льцы** копшоп койгондой бармак.

**ТО'ЧЕЧНЫЙ**, -ая, -ое **точка** I 4-*ге т.*

**ТОЧИ'ЛКА** *ж.* кайрак.

**ТОЧИ'ЛО** I *ср. тех.* чарык кайрак.

**ТОЧИ'ЛО** II *ср.* (*в виноделии*) точило (*жүзүмдүн ширесин сыгууга арналган пресс*).

**ТОЧИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **точило** I-*ге т.*; **точи́льный ка́мень** кайрак таш.

**ТОЧИ'ЛЬЩИК** *м.* чарыкчы, кайракчы.

**ТОЧИ'ТЬ** I *несов. что* 1. (*делать острым*) курчутуу, учтоо, кайроо; **точи́ть бри́тву** устараны курчутуу; 2. (*на токарном станке*) кыруу, кырып (сүрүп) жасоо (*жыгачтан же металлдан*); **точи́ть на тока́рном станке́** токардык станокто кырып (сүрүп) жасоо.

**ТОЧИ'ТЬ** II *несов.* 1. *что* (*продырявливать, портить*) тешүү, жеп жиберүү, бузуу; **моль то́чит сукно́** күбө сукнону жеп жиберет; **че́рви то́чат де́рево** курттар жыгачты жеп жиберет; **вода́ то́чит ка́мень** суу ташты жеп жиберет; 2. *кого, перен.* (*мучить, изводить*) жабыркатуу, кыйноо; **его́ точи́ла тоска́** аны кайгы жабыркатты; ◇ **точи́ть зу́бы** *на кого-л.* бирөөгө тишин кайроо, тиш кайроо, кекенүү; **точи́ть ля́сы** *см.* **ля́сы**.

**ТО'ЧКА** I *ж.* 1. *мат.* точка, орду; **то́чка пересече́ния прямы́х** түз сызыктардын кесилиш точкасы; 2. (*место, пункт*) точка, жер, орун, түйүн; **са́мая высо́кая то́чка горы́** тоонун эң бийик жери; **огнева́я то́чка** *воен.* ок атылуучу точка (*атуучу куралдардын турган жери*); **торго́вая то́чка** соода түйүнү; 3. (*предел*) точка, чекит; **то́чка кипе́ния** *физ.* кайноо точкасы; **то́чка замерза́ния** *физ.* тоңуу точкасы; 4. (*след, пятнышко*) темгил, так; **си́тец в кра́сных то́чках** кызыл темгилдүү чыт; 5. (*знак препинания*) чекит; **то́чка с запято́й** үтүрдүү чекит; ◇ **то́чка зре́ния** *см.* **зре́ние**; **то́чка в то́чку** тупатуура; **попа́сть в са́мую то́чку** дал үстүнөн чыгуу, дал өзүн түшүнүү, дал ортосуна тийгизүү (*мис. атканда*); **дойти́ до то́чки** *разг.* чегине жетүү, шиши толуу; **ста́вить то́чку** *разг.* такыр бүтүү, такыр бүттү деп эсептөө; **ста́вить то́чки над «и»** ачыгын айтуу, ачык-айкын айтуу; **то́чка!** *разг.* бүттү!

**ТО'ЧКА** II *ж.* 1. (*заострение*) курчутуу, кайроо, бүлөө, учтоо; 2. (*на токарном станке*) кыруу, кырып жасоо.

**ТО'ЧНО** 1. *нареч.* (*пунктуально*) анык, так, дал, туура, өз убактысында; айтылган, көрсөтүлгөн убакта; **он вы́полнил поруче́ние то́чно** тапшырманы ал туура (так) аткарды; **то́чно в три часа́** так саат үчтө, туура саат үчтө; 2. *нареч.* (*вполне, совершенно*) туура, дал, так, так эле, нак; **то́чно така́я же кни́га** так эле ушундай китеп, дал ушундай китеп; 3. *частица утверд. разг.* (*так, верно*) туура, анык эле; **то́чно, э́то он сде́лал** туура, муну ошол иштеди; **так то́чно** *воен.* дал ошондой, ооба; 4. *вводн. сл. усил.* (*действительно, в самом деле*) чын эле; **она́, то́чно, краси́ва** ал, чын эле, сулуу; 5. *союз сравн.* (*как будто, словно*) =дай, окшош, сыяктуу; **что ты бежи́шь то́чно с це́пи сорва́лся?** сен эмне жоо кууп келаткандай чуркап келе жатасың?

**ТО'ЧНОСТЬ** *ж.* 1. (*полное соответствие чему-л.*) туурралык, дал келүүчүлүк, бирдейлик, тактык, ырастык; **то́чность ве́са** таразанын тууралыгы (тактыгы); **то́чность перево́да** котормонун тууралыгы; 2. (*аккуратность, пунктуальность*) тууралык, аныктык, тактык; **он отлича́ется большо́й то́чностью** ал өзүнүн өтө тактыгы менен айырмаланат; ◇ **в то́чности** *разг.* так, тактык менен.

**ТО'ЧНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*истинный, верный*) туура, дал, так; **то́чные весы́** туура тараза; **то́чное вре́мя** туура убакыт; 2. (*аккуратный, пунктуальный*) туура, анык, так, дал; **то́чный челове́к** так жүргөн киши; ◇ **то́чная меха́ника** так механика; **то́чные нау́ки** так илимдер (*математикага негизделген илимдер*).

**ТО'ЧЬ-В-ТО'ЧЬ** *нареч. разг.* туптуура, тупатуура, как эле, дал эле, как эле өзү; **он пересказа́л всё то́чь-в-то́чь как бы́ло** болгондун бардыгын ал дал эле өзүндөй кылып айтып берди.

**ТОШНИ'ТЬ** *несов. безл. кого* көөн айнуу, көңүл айнуу, жүрөк айлануу, окшуу, куску келүү.

**ТО'ШНО** *безл. в знач. сказ., разг.* 1. жүрөк айнуу, көңүл айнуу; **мне что́-то то́шно** эмне үчүндүр, жүрөгүм айнып турат; 2. *перен.* (*тяжело, тоскливо*) бук болуу, куса болуу; 3. *с неопр.* (*противно, отвратительно*) итиркейи келүү, итатайы тутулуу; **мне то́шно смотре́ть на э́то** муну карасам итиркейим келет.

**ТОШНОТА'** *ж.* 1. көөн айнуу, көңүл айнуу, жүрөк айнуу, куску келүү; 2. *перен.* (*отвращение*) жийиркенич, жийиркенүү.

**ТОШНОТВО'РНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*вызывающий тошноту*) көөн айнытуучу, көңүл айнытуучу, жүрөк айнытуучу, куску келтирүүчү; **тошнотво́рный за́пах** жүрөк айнытуучу жыт; 2. *перен. разг.* (*вызывающий отвращение*) итиркейин келтире турган, куйканы куруштура турган; **тошнотво́рное зре́лище** итиркейин келтире турган көрүнүш.

**ТО'ШНЫЙ**, -ая, -ое *разг.* 1. (*докучный*) зериктирүүчү, жадата турган, мазаны кетире турган; 2. *см.* **тошнотво́рный** 2.

**ТОЩА'ТЬ** *несов. разг.* арыктоо, арыктап кетүү, азуу, азып кетүү, жүдөө.

**ТО'ЩИЙ**, -ая, -ее 1. (*исхудавший*) арык, азган, жүдөө, кыржыгый, начар; **то́щий челове́к** арык киши; 2. *перен. разг.* (*пустой*) ач, бош; **на то́щий желу́док** ач карын, тамак жей электе; 3. (*скудный*) арык, чүрүш; **то́щая земля́** арык жер; **то́щий карма́н** куру чөнтөк.

**ТПРУ** *межд.* шык-шык (*атты токтотууда айтылуучу сөз*); ◇ **ни тпру ни ну** *разг.* тур да эмес, жүр да эмес; же ары, же бери жылбастык.

**ТРАВА'** *ж.* чөп; **однолéтние тра́вы** бир жылдык чөптөр; **многолéтние тра́вы** көп жылдык чөптөр; **лека́рственные тра́вы** дары-дармек чөптөр; **со́рная трава́** отоо чөп; **покры́ться траво́й** чөп басып калуу; ◇ **трава́ траво́й** *или* **как трава́** *разг.* даамы жок (*мис. коон, алма*); **хоть трава́ не расти́** *разг.* «баары бир» деп кош көңүл кароо; **худа́я трава́ из по́ля вон** *погов.* арам чөптү аңыздан алып таштоо керек.

**ТРА'ВЕРЗ** *м. мор.* траверз (*кеменин жүрүшүнө перпендикуляр багыт*).

**ТРА'ВЕРС** *м.* траверс (1. *воен. флангдан атылуучу októн коргонуу үчүн окоптордун кырына үйүлгөн топурак*; 2. *тех. суу көп келген учурларда жээктерди суудан сактоо үчүн, суунун орто жеринен жээкке чейин орнотулган атайын тосмо*; 3. *спорт. альпинисттердин тоо массивинин катарынан ашып түшүп жүрүшү*).

**ТРАВИ'ЛЬЩИК** *м.* травильщик (*химиялык жол менен бир нерсенин тагын тазалоочу же ошондой жол менен бир нерсенин бетине гүл салуучу жумушчу*).

**ТРАВИ'НКА** *ж. разг.* бир тал чөп.

**ТРАВИ'ТЬ** I *несов. кого-что* 1. *охот.* (*преследовать*) итке тиштетүү, итке талатып өлтүрүү, тукуруу, тайган агытуу; **трави́ть за́йца соба́ками** коёнго ит агытуу; 2. *перен.* (*мучить*) кодулоо, куугунтуктоо, кодулап тынчтык бербөө.

**ТРАВИ'ТЬ** II *несов.* 1. *кого-что* (*отравлять*) уктуруу,ууландыруу, ууландырып кыруу; **трави́ть мыше́й** чычкандарды ууландырып жоготуу; 2. *что* (*делать потраву*)

www.bizdin.kg

тепсөө, тепсеп бүлүнтүү, тепсеп жок кылуу; **не допускáйте, чтóбы скот травúл посéвы** эгинди малга тепсетпегиле; **3.** *что, разг.* (*зря скармливать скоту*) малга берип түгөтүү, малга сарп кылуу; **не травú сéно лéтом** чөптү жайында малга берип түгөтпө; **4.** *что* (*уничтожать химическими средствами*) жоготуу, кетирүү; **травúть пя́тна** тактьі кетирүү; **5.** *что* (*обрабатывать химическим путём*) ойдуруу, оюу, оюп жасоо (*химиялык жол менен*).

**ТРАВИ́ТЬ** III *несов. что, мор.* бошотуу; **травúть канáт** арканды бошотуу.

**ТРАВИ́ТЬСЯ** *несов.* **1.** *разг.* (*принимать яд*) уу ичүү, ууугуу, өзүн ууктуруу; **2.** *страд. к* **травúть** II.

**ТРАВЛЕ́НИЕ** *ср. хим.* жедирүү, ойдуруу, оюу (*химиялык жол менен*); **травлéние метáллов** металлдарды ойдуруу.

**ТРА́ВЛЯ** *ж.* **1.** *охот.* итке тиштетүү, итке талатуу, тайган агытуу; **2.** *перен.* (*преследование*) кодулоо, куугунтуктоо, кодулап тынчтык бербөө.

**ТРА́ВМА** *ж. мед.* травма (*тышкы таасир менен организмдин бир жерин майып кылуу*); **психúческая трáвма** психикалык травма.

**ТРАВМАТИ́ЗМ** *м. мед.* травматизм, майып болуучулук; **борьбá с травматúзмом на произвóдстве** өндүрүштө майып болуучулукка каршы күрөшүү.

**ТРАВМАТИ́ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **травма**-*га т.*; травмалык (*травманын натыйжасында пайда болгон*).

**ТРАВМАТОЛО́ГИЯ** *ж. мед.* травматология (*тышкы таасир менен майып болгон организмди изилдөөчү, дарылоочу хирургиянын бир бөлүмү*).

**ТРАВМИ́РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* травма кылуу, майып кылуу.

**ТРАВОПО́ЛЬЕ** *ср. с.-х.* травополье (*чөп айдоо, өстүрүү аркылуу жерди семиртүү жолу*).

**ТРАВОПО́ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **травополье**-*ге т.*; травополдук; **травопóльная систéма земледéлия** дыйканчылыктын травополдук системасы.

**ТРАВОСЕ́ЯНИЕ** *ср. с.-х.* чөп өстүрүүчүлүк.

**ТРАВОСТО́Й** *м. с.-х.* чөптүн чыгышы; **богáтый травостóй** мыкты чыккан чөп.

**ТРАВОЯ́ДНЫЙ,** -ая, -ое *зоол.* чөп жечүү, чөп жей турган; **травоя́дные живóтные** чөп жечүү айбандар.

**ТРАВЯНИ́СТЫЙ,** -ая, -ое **1.** *см.* **травянóй;** **2.** (*поросший травой*) чөптүү, чөбү калың, чөбү коюу; **травянúстый луг** чөбү калың чабынды; **3.** *перен. разг.* (*безвкусный*) даамсыз, чөп даамдуу, даамы жок (*мис. кофе*).

**ТРАВЯНО́Й,** -áя, -óе **трава**-*га т.*; **травянóе пóле** чөп талаасы; **травянóй стéбель** чөптүн сабагы.

**ТРАГЕДИ́ЙНЫЙ,** -ая, -ое **трагедия** 1-*ге т.*; трагедиялык; **трагедúйный стиль** трагедиялык стиль.

**ТРАГЕ́ДИЯ** *ж.* **1.** *лит., театр.* трагедия (*кишилик сезимдин өтө күчтүү түрүн сүрөттөөчү, аягы геройдун өлүмү менен бүткөн драмалык чыгарманын бир түрү*); **2.** *перен.* каран күн, чоң кайгы.

**ТРАГИ́ЗМ** *м.* **1.** *лит.* трагизм (*драмалык чыгармадагы трагедиялык элемент*); **2.** *перен. см.* **трагúчность.**

**ТРА́ГИК** *м.* трагик (**1.** *трагедиялык ролду ойноочу актёр*; **2.** *трагедиянын автору*).

**ТРАГИКОМЕ́ДИЯ** *ж.* **1.** *лит., театр.* трагикомедия (*трагедия менен комедия элементтерин ичине алган драмалык чыгарма*); **2.** *перен.* кайгыра турган жана күлө тургандары бар окуя.

**ТРАГИКОМИ́ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **трагикомедия**-*га т.*; трагикомедиялык.

**ТРАГИКОМИ́ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **трагикомúческий.**

**ТРАГИ́ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **трагедия**-*га т.*; трагедиялык, трагедиялуу; **трагúческий слýчай** *перен.* трагедиялык иш (окуя), оор кайгылуу окуя.

**ТРАГИ́ЧНОСТЬ** *ж.* трагедиялык, трагедиялуулук, каран күн, оор кайгы.

**ТРАГИ́ЧНЫЙ,** -ая, -ое трагедиялык, трагедиялуу, оор кайгылуу.

**ТРАДИЦИО́ННОСТЬ** *ж.* традициялуулук, адат болгондук.

**ТРАДИЦИО́ННЫЙ,** -ая, -ое **традиция**-*га т.*; традициялык, традициялуу, адат болгон; **традициóнный прáздник** традициялык майрам.

**ТРАДИ́ЦИЯ** *ж.* традиция, адат, салт (*укумдан-тукумга келе жаткан адат, тартип*).

**ТРАЕКТО́РИЯ** *ж.* траектория (**1.** *мат., физ.* кандайдыр *бир телонун же точканын кыймылынын жолу*; **2.** *воен. учуп бара жаткан октун же снаряддын жолу*).

**ТРАКТ** *м.* тракт (*чоң даңгыр жол*); ◇ **желýдочно-кишéчный тракт** *анат.* ичеги-карын, аш сиңирүүчү система.

**ТРАКТА́Т** *м.* трактат (**1.** *илимий темадагы чыгарма*; **2.** *дип. эл аралык договор*).

**ТРАКТИ́Р** *м. уст.* трактир (*мурунку убакта — ресторандуу гостиница, кийинки убакта — төмөнкү разряддагы ресторан*).

**ТРАКТИ́РЩИК** *м. уст.* трактирчи, трактир ээси.

**ТРАКТИ́РЩИЦА** *женск. р. к* **трактúрщик.**

**ТРАКТОВА́ТЬ** *несов.* **1.** *что* (*давать толкование*) түшүндүрүү, түшүнүк берүү, талкуулоо, пикир жүргүзүү; **2.** *о чём* (*обсуждать*) түшүндүрүү, пикир алмашуу, талкуулашуу.

**ТРАКТОВА́ТЬСЯ** *несов.* **1.** *безл.* (*обсуждаться*) түшүндүрүлүү, түшүнүк берилүү, талкууланууу, түшүнүлүү, пикир жүргүзүлүү; **2.** *страд. к* **трактовáть.**

**ТРАКТО́ВКА** *ж.* түшүндүрүү, түшүнүк берүү, талкуулоо, пикир жүргүзүү.

**ТРА́КТОР** *м.* трактор.

**ТРАКТОРИЗА́ЦИЯ** *ж.* тракторлоштуруу.

**ТРАКТОРИ́СТ** *м.* тракторист, тракторчу.

**ТРАКТОРИ́СТКА** *женск. р. к* **трактори́ст;** трактористка.

**ТРА́КТОРНЫЙ,** -ая, -ое **трактор**-*го т.*; трактордук; **трáкторная бригáда** трактор бригадасы; **трáкторный завóд** трактор заводу.

**ТРАКТОРОРЕМО́НТНЫЙ,** -ая, -ое трактор ремонттоочу.

**ТРАКТОРОСБО́РОЧНЫЙ,** -ая, -ое тракторду курастыруучу.

**ТРАКТОРОСТРОЕ́НИЕ** *ср.* трактор куруу.

**ТРАКТОРОСТРОИ́ТЕЛЬ** *м.* трактор куруучу.

**ТРАКТОРОСТРОИ́ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое трактор куруучу; **тракторостроúтельный завóд** трактор куруучу завод.

**ТРАЛ** *м.* трал (**1.** *балык кармоочу кап формасындагы чоң тор*; **2.** *воен.-мор. суу алдындагы миналарды зыянсыз кылып таштоого арналган аспап*; **3.** *мор. суу астын текшерүүгө арналган жана суу түбүндөгү өсүмдүк менен жаныбарларды илип чыгарууга арналган аспап*).

**ТРА́ЛЕНИЕ** *ср.* тралдоо (**1.** *трал менен балык кармоо*; **2.** *воен.-мор. миналарды суудан кармап алыш*; **3.** *мор. суунун түбүн трал менен изилдөө*).

**ТРА́ЛЕР** *м.* тралер (*трал менен балык кармоочу кеме*).

**ТРА́ЛИТЬ** *несов. что* тралдоо (**1.** *тралдын жардамы менен балык кармоо*; **2.** *воен.-мор. суу алдындагы миналы кармоо же зыянсыз кылып коюу*; **3.** *мор. деңиздин түбүн изилдөө*).

**ТРА́ЛЬЩИК** *м.* тральщик (*трал менен жабдылган согуштук же балык кармоочу кеме*).

**ТРАМБОВА́ТЬ** *несов. что* трамбовка кылуу, трамбовкалоо, таптоо, тыгыздоо, таптап тыгыздоо.

**ТРАМБО́ВКА** *ж.* **1.** (*трамбование*) трамбовкалоо, трамбовка кылуу, таптоо, тыгыздоо, таптап тыгыздоо (*мис. жолду*); **2.** (*орудие*) жогоркудай кылып таптагыч, тыгыздагыч аспап.

**ТРАМВА́Й** *м.* трамвай; ◇ **речнóй трамвáй** суу трамвайы.

www.bizdin.kg

**ТРАМВА'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **трамвай**-*га т.*; **трамва́йное сообще́ние** трамвай байланышы.

**ТРАМВА'ЙЩИК** *м.* трамвайчы, трамвай кызматкери.

**ТРАМПЛИ'Н** *м.* трамплин (1. *спорт. секирүүгө арналып, пактай, тирөөч менен өйдө көтөрүлгөн секи,* 2. *перен. бир аракет үчүн тирек, башталгыч пункт болгон нерсе*).

**ТРАНЖИ'Р** *м. разг.* акча түгөт (*акчаны курулай, ыксыз чачуучу, жоготуучу киши*).

**ТРАНЖИ'РА** *м. и ж. см.* **транжи́р.**

**ТРАНЖИ'РИТЬ** *несов. что, разг.* түгөтүү, ысырап кылуу, жоготуу, жоюу, бекерге жок кылуу (*акчаны курулай, ыксыз чача берүү*).

**ТРАНЗИ'Т** *м.* транзит (1. *пассажирлерди же жүктөрдү чыккан жеринен баруучу жерине, ортодо түшүрүп салбастан, жеткирүү*; 2. *товарды бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө ортодогу өлкө аркылуу өткөрүү*).

**ТРАНЗИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **транзит**-*ке т.*; транзиттик; **транзи́тный по́езд** транзиттик поезд; **транзи́тный пасса-жи́р** транзиттик пассажир.

**ТРАНС** *м. мед.* транс (*өз эркине, денесине бийлик кыла албай калган абал*).

**ТРАНС-** *татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү; бул* 1) *бир нейкиндик аркылуу болгон кыймылды көрсөтөт; мис.* **трансатланти́ческий** трансатлантикалык; 2) *бир нерсенин ары жагында экенин көрсөтөт; мис.* **трансальпи́йский** трансальпийлик.

**ТРАНСКРИБИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* транскрипциялоо, транскрипция кылуу.

**ТРАНСКРИ'ПЦИЯ** *ж.* 1. (*транскрибирование*) транскрипция, транскрипциялоо, транскрипция кылуу (*айтылган сөздү айрыкча арип жана тамгалардын жардамы менен айтылгандай так жазуу*); 2. (*система знаков*) транскрипция (*транскрипция үчүн түзүлгөн ариптердин системасы*); 3. (*текст*) транскрипция (*транскрипция менен жазылган текст*).

**ТРАНСЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* трансляциялоо, трансляция кылуу.

**ТРАНСЛИТЕРА'ЦИЯ** *ж. лингв.* транслитерация (*бир алфавиттин ариптери менен экинчи алфавиттин ариптерин жазуу*).

**ТРАНСЛЯЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **трансляция**-*га т.*; трансляциялык; **трансляцио́нная сеть** трансляция тармагы; **трансляцио́нный у́зел** трансляциялык түйүн.

**ТРАНСЛЯ'ЦИЯ** *ж.* 1. (*транслирование*) трансляция, трансляциялоо, трансляция кылуу (*тыбыштарды, үндөрдү күчөтүп, радио же сым аркылуу берүү*); 2. трансляция; **слу́шать трансля́цию** трансляцияны угуу.

**ТРАНСМИССИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **трансмиссия**-*га т.*

**ТРАНСМИ'ССИЯ** *ж. тех.* трансмиссия (*аракетти кыймылдаткычтан жумушчу машинага берүүчү вал жана анын майда бөлүктөрү*).

**ТРАНСПАРА'НТ** *м.* транспарант (1. *туз жазуу үчүн сызыксыз ак кагаздын астына төшөлүүчү, жазы кара сызыктуу барак*; 2. *аркасына жарык кылып көрсөтүлүүчү, керип койгон ак тунук жалпактыктын бетине түшүрүлгөн сүрөт*).

**ТРАНСПЛАНТА'ЦИЯ** *ж. биол.* трансплантация (*бир организмдин тканын же мүчөсүн өзүнүн бир жерине же башка организмге көчүрүү, жамоо*).

**ТРАНСПОНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, муз.* транспонировкалоо, транспонировка кылуу.

**ТРАНСПОНИРО'ВКА** *ж. муз.* транспонировка, транспонировкалоо, транспонировка кылуу (*музыка чыгармасын бир үндөн экинчиге өткөрүү, көчүрүү*).

**ТРА'НСПОРТ** *м.* 1. (*перевозка*) транспорт, транспорттоо; 2. (*перевозочные средства*) транспорт; **железнодоро́жный тра́нспорт** темир жол транспорту; **городско́й тра́нспорт** шаар транспорту; **во́дный тра́нспорт** суу транспорту.

**ТРАНСПОРТА'БЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое транспортабелдүү (*ташууга ыңгайлуу*).

**ТРАНСПОРТЁР** *м.* транспортёр (1. *тех. жүктөрдүн тынымсыз жүрүп турушуна ийкемделген нерсе, конвейер*; 2. *гаражда автомобилдердин ордундарын алмаштыруу үчүн жасалган айланма араба*).

**ТРАНСПОРТИ'Р** *м. тех.* транспортир (*бурчтарды өлчөө же бурч сызуу үчүн колдонулуучу прибор*).

**ТРАНСПОРТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* транспорттоо (*ташуу; бир жерден экинчи жерге жүк жиберүү*).

**ТРАНСПОРТИРО'ВКА** *ж.* транспорттоо (*ташуу, ташып алып баруу*).

**ТРА'НСПОРТНИК** *м.* транспортчу (*транспортто иштеген киши*).

**ТРА'НСПОРТНЫЙ,** -ая, -ое **транспорт**-*ко т.*; транспорттук; **тра́нспортное су́дно** транспорттук кеме.

**ТРАНСФОРМА'ТОР** I *м. эл.* трансформатор (*алмашма электр тогунун шыкалышын жогорулаткыч же төмөндөткүч аппарат*).

**ТРАНСФОРМА'ТОР** II *м. театр.* трансформатор (1. *кичине, көбүнчө күлкүлүү пьесаларда өзүнүн түрүн, костюм, грим, жүрүш-турушун ж. б. бат буруп, бир канча кишинин же бардыгынын ролун өзү жалгыз ойноочу актёр*; 2. *көз боёмолоочу; фокусник адам*).

**ТРАНСФОРМА'ТОРНЫЙ,** -ая, -ое **трансформатор** I-*ге т.*; **трансформа́торная бу́дка** трансформатор будкасы.

**ТРАНСФОРМА'ЦИЯ** *ж.* трансформация, трансформация кылуу (1. *өзгөртүү; бир түрдөн экинчи түргө айландыруу*; 2. *эл. алмашма электр тогунун шыкалышы трансформатордун жардамы менен жогорулоо же төмөндөө*).

**ТРАНСФОРМИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* трансформация кылуу.

**ТРАНСФОРМИ'РОВАТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* трансформацияланууу; 2. *несов. страд. к* **трансформи́ровать.**

**ТРАНСФУ'ЗИЯ** *ж. мед.* трансфузия (*канды бир организмден экинчи организмге куюштуруу*).

**ТРАНСЦЕНДЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое трансценденталдуу (*Канттын идеалисттик философиясында — тажрыйбага көз каранды болбогон кубулуштарды билүүгө таандык болгон; априордук*).

**ТРАНСЦЕНДЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое 1. *филос.* трансценденттик (*идеалисттик философияда — билүүгө мүмкүн болбогон, тажрыйбадан тышкары туруучу*); 2. *мат.* трансценденттик (*алгебра жолу менен чыгарылышы мүмкүн болбогон*); **трансценде́нтное число́** трансценденттик сан.

**ТРАНШЕ'Я** *ж. воен.* траншея (*узун терең окоп*).

**ТРАП** *м. мор.* трап (*кемедеги шаты*).

**ТРА'ПЕ'ЗА** *ж. уст.* тамак ичүү (1. *монастырда тамак ичүү үчүн арналган жалпы стол*; 2. *жалпы эле тамак ичүү*).

**ТРАПЕ'ЦИЯ** *ж.* трапеция (1. *мат. эки жагы параллелдүү жана эки жагы параллелдүү эмес болгон төрт бурчтук*; 2. *спорт. гимнастикалык машыгуулар үчүн, эки башына аркан байланып жасалган таяк*).

**ТРА'ССА** *ж.* 1. *геод.* трасса (*жол салуу, канал казуу ж. б. үчүн белгиленген жер бетиндеги сызык*); 2. трасса (*жолдун, каналдын багыты*); **возду́шная тра́сса** аба трассасы.

**ТРАССИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* жалтырак из калтыруу (*ок, снаряд жөнүндө*).

**ТРАССИ'РУЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **тресси́ровать**; 2. *прил. воен.* жалтырап учуучу, жалтыраган из калтырып уча турган (*ок, снаряд*); **трасси́рующая пу́ля** жалтырак из калтыруучу ок.

**ТРА'ТА** *ж.* сарп кылуу, каражаттоо, каражат кылуу (*денег*); жумшоо (*напр. сил*); кетирүү (*напр. времени*); ысырап кылуу (*разбазаривание*).

www.bizdin.kg

**ТРЕ'НИЕ** *ср.* 1. ышкуу, сүрүү, жышуу, сүрүлүү, жышылуу, өйкөлүү, кажалуу; 2. **трения** *мн. перен.* (*враждебные отношения*) тартыш, талаш-тартыш, кыжың-кужуң, чыр-чатак.

**ТРЕНИРОВА'ТЬ** *несов. кого-что* тренировкалоо, таптоо (*напр. лошадь*); бышыктыруу, маш кылуу, көндүрүү (*напр. спортсмена*).

**ТРЕНИРОВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. тренировкаланууу, таптaлуу, өзүн өзү таптоо (*напр. о лошади*); табына келүү, машыгуу (*напр. о спортсмене*); 2. *страд. к* **тренировать.**

**ТРЕНИРО'ВКА** *ж.* тренировка, таптоо (*напр. лошади*); машыктыруу, бышыктыруу, көндүрүү, табына келтирүү (*напр. спортсмена*).

**ТРЕНИРО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое **тренировка**-*га т.*

**ТРЕНО'ГА** *ж.* 1. үч бут (*мис. фотоаппарат бекитилип коюлуучу үч буттуу нерсе*); 2. (*конские путы*) чидер.

**ТРЕНО'ЖИТЬ** *несов. кого-что* чидер салуу, чидерлөө, үч буттап тушоо.

**ТРЕНО'ЖНИК** *м.* тулга, можу.

**ТРЕ'НЬКАТЬ** *несов. разг.* даңкылдатуу, дыңгырлатуу.

**ТРЕПА'К** *м.* трепак (*орустун жерди катуу тээп бийлөөчү элдик бийи жана ушул бийдин музыкасы*).

**ТРЕПА'ЛКА** *ж.* тыткыч (*зыгырдын, кара куурайдын ж. б. сабагын тыткыч аспап*).

**ТРЕПА'ЛО** *ср. см.* **трепалка.**

**ТРЕПА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **трепание**-*ге т.*; **трепальная машина** тыткыч машина.

**ТРЕПА'ЛЬЩИК** *м.* тытуучу (*зыгырдын, кара куурайдын ж. б. сабагын тытуучу жумушчу*).

**ТРЕПА'ЛЬЩИЦА** *женск. р. к* **трепальщик.**

**ТРЕПАНА'ЦИЯ** *ж. мед.* трепанация (*сөөктү тешип операция жасоо*).

**ТРЕПА'НГ** *м. зоол.* трепанг (*деңиз жаныбарынын бир түрү*).

**ТРЕПА'НИЕ** *ср.* (*напр. льна*) тытуу, тытып тазалоо.

**ТРЁПАНЫЙ,** -ая, -ое 1. тытылган (*жүн ж. б. жөнүндө*); 2. *разг.* (*разорванный, рваный*) жыртылган, уйпаланган; **трёпаная книга** жыртылган китеп; 3. *разг.* (*непричёсанный*) уйпаланган; **трёпаные волосы** уйпаланган чач.

**ТРЕПА'ТЬ** *несов.* 1. *что* (*приводить в беспорядок*) уйпалоо, жулмалоо, тыткылоо, желпилдетүү; **ветер треплет волосы** шамал чачты уйпалайт; **ветер треплет флаг** шамал желекти желпилдетип жатат; 2. *кого-что* (*дёргать, тормошить*) силкүү, булкуу, жулкуу, жулкулдатуу, тартуу; **трепать за волосы** чачтан алып жулкулдатуу; 3. *что, разг.* (*изнашивать*) жыртуу, тытуу (*кийимди*); 4. *кого-что, разг.* калчылдатуу, титиретүү, кармоо; **его треплет лихорадка** аны безгек калчылдатып жатат; 5. *кого-что, по чему* (*похлопывать*) чапкылоо, каккылоо; **трепать** *кого-л.* **по плечу** *бирөөнү* далыга каккылоо; 6. *что* (*очищать, раздёргивать волокно*) тытуу, тытып тазалоо; ◇ **трепать** *чьи-л.* **нервы** *бирөөнүн* тынчын кетирүү, *бирөөнүн* кыжырын кайнатуу; **трепать языком** *разг.* дөөрүп көп сүйлөй берүү; **трепать** *чьё-л.* **имя** *бирөөнүн* атын атап жамандай берүү.

**ТРЕПА'ТЬСЯ** *несов. разг.* 1. (*развеваться, колебаться*) желбирөө, желбирттөө, желпилдөө, делбирттөө; 2. (*изнашиваться*) жыртылуу, тытылуу, эскирип бүтүү (*кийим*); 3. *прост.* (*болтать*) дөөрүп көп сүйлөй берүү; 4. *страд. к* **трепать.**

**ТРЕ'ПЕТ** *м.* дирилдөө, калтыроо, калчылдоо; **трепет ужаса** корккондуктун калтырагы; **привести в трепет** *кого-л. бирөөнү* калтыратуу (*коркутуп*).

**ТРЕПЕТА'НИЕ** *ср.* 1. *поэт. см.* **трепет;** 2. (*колебание, дрожание*) дирилдөө, калтыроо.

**ТРЕПЕТА'ТЬ** *несов.* 1. (*колебаться, дрожать*) дирилдөө (*мис. көпөлөктүн канаты*); желпилдөө, желбирттөө, желбирөө (*мис. туу*); 2. *за кого-что, перен.* (*тревожиться*) күйүп-бышуу, тынчсызданып жүрөгү чыдабоо, санаасы тынбоо; 3. *перен.* (*испытывать беспокойство*) жүрөгү чыдабоо, санаасы тынбоо, жүрөгү зырпылдоо; калтырап коркуу; **трепетать при мысли** ...ойлогондо жүрөгү зырп дей түшүү; **трепетать перед** *кем-л. бирөөнүн* алдында калтырап коркуу; 4. *перед кем-чем, перен.* (*испытывать страх*) титирөө, калтыроо, үрөйү учуу, коркуу.

**ТРЕ'ПЕТНЫЙ,** -ая, -ое 1. *поэт. уст.* (*дрожащий*) дирилдеген (*мис көпөлөктүн канаты*); 2. *перен.* (*взволнованный*) токтоно албаган, чочулаган; **трепетное ожидание** жүрөгү токтоно албай күтүү.

**ТРЁПКА** *ж.* 1. (*напр. льна*) тытуу, тытып тазалоо, талдоо; 2. *разг.* (*наказание*) тилдөө, урушуу, жемелөө; **задали ему трёпку** аны жакшы эле жемелешти; ◇ **трёпка нервов** кыжырын кайнатуу, тынчын кетирүү, жанын жай алдырбоо.

**ТРЕПЫХА'ТЬСЯ** *несов. разг.* талпынуу, бырылдоо, тыбыроо, бырпыроо.

**ТРЕСК** *м.* 1. чыртылдоо, чартылдоо, кырсылдоо, чырт этүү, чарт этүү; чытыр-чытыр, карс-курс; **треск ломающихся ветвей** сынып жаткан бутактардын чыртылдашы; 2. *перен. разг.* (*шумиха*) уу-дуу, ызы-чуу; **поднять треск** ызы-чуу көтөрүү; ◇ **выгнать с треском** *разг.* акмактай кылып айдап жиберүү.

**ТРЕСКА'** *ж.* треска (*деңиз балыгынын бир түрү*).

**ТРЕ'СКАТЬСЯ** *несов.* жарылуу, сынып кетүү, жарык чыгуу, жарака кетүү, жарык пайда болуу, туурулуп кетүү; **кожа на руках трескается** колдун териси туурулуп кетет.

**ТРЕСКО'ВЫЙ,** -ая, -ое **треска**-*га т.*; **тресковый жир** треска майы.

**ТРЕСКОТНЯ'** *ж.* 1. тарсылдак, чырылдак, чыртылдак; **ружейная трескотня** мылтыктын тарсылдагы; **трескотня кузнечиков** чегирткелердин чырылдашы; 2. *разг.* (*болтовня*) кажы-кужу.

**ТРЕСКУ'ЧИЙ,** -ая, -ее: **трескучий мороз** чыртылдаган аяз, темир аяз, ызгаардуу суук; **трескучие фразы** курулай кыйкырык, ыгы жок чаңкылдаган берекесиз сөз.

**ТРЕ'СНУТЬ** *сов.* 1. (*издать треск*) чырт этүү, чарт этүү, тарс этүү, чытыр-чытыр этип кетүү; 2. (*дать трещину*) сынып кетүү, жарака кетүү, туурулуп кетүү; **стакан треснул** стакандан жарака кетти; **кожа от мороза треснула** тери суукта туурулуп кетти; 3. *разг.* тарс дедире бир коюу, даң дедире бир салуу; **треснуть кулаком по столу** столду муштум менен тарс дедире бир коюу; ◇ **хоть тресни** кандай кылсаң да.

**ТРЕСТ** *м. эк.* трест (1. *Советтер Союзунда — чыгаруучу продукциянын түрүнө же сырьёлорду иштетүү мүнөзүнө карай ишканаларды бириктирүү*; 2. *капиталисттик өлкөлөрдө — бир нече ишканалардын монополиялык бирикмеси*).

**ТРЕСТА'** *ж. с.-х.* зыгырдын *же* кара куурайдын саманы.

**ТРЕ'СТОВСКИЙ,** -ая, -ое **трест**-*ке т.*; тресттик, тресттики.

**ТРЕТЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое: **третейский суд** третей соту (*эки тараптын чатагын текшерүү үчүн, ортодон шайланган сот, калыстар*).

**ТРЕ'ТИЙ,** -ья, -ье 1. *числ.* үчүнчү; **третий сорт** үчүнчү сорт; 2. *в знач. сущ. ж.* (*треть*) үчтүн бири; **одна третья** үчтүн бири; 3. *в знач. сущ. ср.* (*сладкое блюдо*) үчүнчү (*дасторконго коюла турган тамактын үчүнчү таттуу түрү*); ◇ **третьего дня** *разг.* мурдагы күнү, мурдаа күнү; **купить из третьих рук** башка бирөөлөрдөн сатып алуу (*мис. магазинден эмес*).

**ТРЕТИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* кемсинтүү, менсинбөө, таназарына албоо.

**ТРЕТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **третичная система** *или* **третичный период** *геол.* үчүнчүлүк система *же* үчүнчүлүк доор (*муз дооруна чейинки жер тарыхындагы кайнозой заманынын биринчи бөлүгү*).

www.bizdin.kg

**ТРЕТЬ** *ж.* үчтүн бири; **две тре́ти** үчтүн экөө.
**ТРЕ'ТЬЕ** *ср. см.* **тре́тий** 3.
**ТРЕТЬЕКЛА'ССНИК** *м.* үчүнчү класстын окуучусу.
**ТРЕ'ТЬЯ** *ж. см.* **тре́тий** 2.
**ТРЕУГО'ЛКА** *ж.* (*шляпа*) үч булуң калпак, үчкүл калпак.
**ТРЕУГО'ЛЬНИК** *м.* **1.** үч бурчтук; **2.** үч адамдан түзүлгөн жетекчи (*мекемеде же ишканада — администрациянын, партиялык уюмдун жана профсоюздун өкүлдөрү*).
**ТРЕУГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое үч бурчтуу.
**ТРЕУ'Х** *м. уст.* кулакчын (тумак).
**ТРЕ'ФОВЫЙ,** -ая, -ое **трефы**-*га т.*; **тре́фовый коро́ль** чырымдын найзасы.
**ТРЕ'ФЫ** *только мн., карт.* чырым, чытыр.
**трёх** *род., вин., и предл. п. от* **три.**
**ТРЁХ**= *татаал сөздөрдүн «үч» деген маанини билдирип турган биринчи бөлүгү.*
**ТРЁХА'КТНЫЙ,** -ая, -ое *театр.* үч актылуу, бир көшөгөлүү (*үч бөлүктөн турган*); **трёха́ктная пье́са** үч актылуу пьеса.
**ТРЁХГОДИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое үч жылдык; **трёхгоди́чные ку́рсы** үч жылдык курстар.
**ТРЁХГОДОВА'ЛЫЙ,** -ая, -ое үч жаштагы, үч жашар, үчтөгү; **трёхгодова́лый ребёнок** үч жаштагы бала, үч жашар бала.
**ТРЁХГРА'ННЫЙ,** -ая, -ое үч кырдуу.
**ТРЁХДНЕ'ВНЫЙ,** -ая, -ое үч күндүк.
**ТРЁХДЮЙМО'ВКА** *ж.* үч дюймдүү, үч дюймалуу.
**ТРЁХЗНА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое: **трёхзна́чное число́** *мат.* үч орундуу сан.
**ТРЁХКОЛЁСНЫЙ,** -ая, -ое үч дөңгөлөктүү.
**ТРЁХЛЕ'ТИЕ** *ср.* **1.** (*срок*) үч жыл, үч жылдык мөөнөт; **2.** (*годовщина*) үч жылдык.
**ТРЁХЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее **1.** (*о сроке*) үч жылдык; **трёхле́тний стаж** үч жылдык стаж; **2.** (*о возрасте*) үч жашар, үч жаштагы, үчтөгү; **трёхле́тний ребёнок** үч жаштагы бала.
**ТРЁХЛИНЕ'ЙКА** *ж.* үч линиялуу (*винтовка*).
**ТРЁХЛИНЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое үч линиялуу (*винтовка*).
**ТРЁХЛИ'СТНЫЙ,** -ая, -ое үч жалбырактуу.
**ТРЁХМА'ЧТОВЫЙ,** -ая, -ое үч мачталуу (*кеме*).
**ТРЁХМЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое: **трёхме́рная геоме́трия** үч өлчөмдүү геометрия.
**ТРЁХМЕ'СТНЫЙ,** -ая, -ое үч орундуу, үч кишилик (*мис. автомобиль*).
**ТРЁХМЕ'СЯЧНЫЙ,** -ая, -ое үч айлык.
**ТРЁХМОТО'РНЫЙ,** -ая, -ое үч мотордуу.
**ТРЁХНЕДЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое үч жумалык, үч апталык.
**ТРЁХПА'ЛУБНЫЙ,** -ая, -ое үч палубалуу (*кеме*).
**ТРЁХПА'ЛЫЙ,** -ая, -ое үч ачалуу.
**ТРЁХПО'ЛЬЕ** *ср. с.-х.* үч кезмектүү айдоо, үч талаалуу айдоо (*белгилүү тартип менен, эгин талаасын үчкө бөлүп, айдоо системасы*).
**ТРЁХПО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *с.-х.* үч кезмектүү, үч талаалуу (*айдоо*).
**ТРЁХПРОЦЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое үч проценттүү.
**ТРЁХРУБЛЁВКА** *ж. разг.* үч сом акча, үч сомдук акча.
**ТРЁХСЛО'ЖНЫЙ,** -ая, -ое *грам.* үч муундуу (*сөз*).
**ТРЁХСМЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое үч сменалуу; **трёхсме́нная рабо́та** үч сменалуу жумуш.
**трёхсо́т** *род. п. от* **триста.**
**ТРЁХСОТЛЕ'ТИЕ** *ср.* **1.** (*срок*) үч жүз жыл, үч жүз жылдык мөөнөт; **прошло́ трёхсотле́тие** үч жүз жыл өттү; **2.** (*годовщина*) үч жүз жылдык.
**ТРЁХСОТЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее үч жүз жылдык; **трёхсотле́тний пери́од** үч жүз жылдык доор.
**ТРЁХСО'ТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* үч жүзүнчү.
**трёхста́х** *предл. п. от* **триста.**
**ТРЁХСТВО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое үч ооздуу, үч стволдуу (*мылтык*).
**ТРЁХСТО'ПНЫЙ,** -ая, -ое *лит.* үч стопалуу (*ыр*).
**ТРЁХСТОРО'ННИЙ,** -яя, -ее **1.** үч жагы бар; **2.** (*напр. договор*) үч жактуу (*үч жагы тең милдеттүү*).
**ТРЁХСТРУ'ННЫЙ,** -ая, -ое үч кылдуу (*мис. комуз*).
**ТРЁХТО'МНИК** *м.* үч томдуу, үч томдук.
**ТРЁХТЫ'СЯЧНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *числ.* үч миңинчи; **2.** *прил.* үч миңдик, үч миңден турган.
**ТРЁХФА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое *эл.* үч фазалуу.
**ТРЁХЦВЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое үч түстүү, үч ыраңдуу; **трёхцве́тный флаг** үч түстүү желек.
**ТРЁХЧАСОВО'Й,** -а́я, -о́е **1.** үч сааттык, үч саатка созулган; **трёхчасово́й докла́д** үч саатка созулган доклад; **2.** *разг.* (*назначенный на три часа*) саат үчтөгү, саат үчкө белгиленген; **трёхчасово́й по́езд** саат үчтөгү поезд.
**ТРЁХЧЛЕ'Н** *м. мат.* үч мүчө.
**ТРЁХЧЛЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое *мат.* үч мүчөлүү; **трёхчле́нное уравне́ние** үч мүчөлүү теңдеме.
**ТРЁХЭТА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое үч этаждуу, үч кабаттуу.
**ТРЁШКА** *ж. разг.* үч сомдук, үч сомдук акча.
**ТРЁШНИЦА** *ж. см.* **трёшка.**
**ТРЕЩА'ТЬ** *несов.* **1.** (*издавать треск*) чыртылдоо, чырылдоо, карсылдоо; **кузне́чики треща́т** чегирткелер чырылдайт; **дрова́ треща́т в пе́чи** мештеги отун чыртылдайт; **2.** сынып чартылдоо, тырсылдоо, жарылып чартылдоо, жарылуу; **лёд трещи́т** муз жарылып чартылдайт; **3.** *перен. разг.* (*болтать*) такылдап сүйлөө, какылдап сүйлөө; ◇ **треща́ть по всем швам** 1) (*об одежде*) жик-жигинен ажыроо, туш-тушунан жик кетүү; 2) (*напр. о каком-л. деле*) сан-саны чыгып кыйроого бет алуу; **у меня́ голова́ (башка́) трещи́т** *разг.* менин башым зыңылдап (какшап) ооруйт; **треща́т моро́зы** аяз чыртылдайт.
**ТРЕ'ЩИНА** *ж.* **1.** жарык, сынык, сынык кеткен жер, жарылган жер; **дать тре́щину** жарылып кетүү, жарык чыгуу; **стена́ дала́ тре́щину** дубал жарылды; **2.** *перен.* жик түшүү, бузулуу; **в их отноше́ниях появи́лась тре́щина** алардын арасына жик түштү.
**ТРЕЩО'ТКА** **1.** *ж.* шалдырак; **трещо́тка сто́рожа** кароолчунун шалдырагы; **2.** *м. и ж. разг.* (*о человеке*) сүйлөөк, шакылдак, такылдак, бабыр; **3.** *ж. тех.* металл бурагыч (*кол менен металлды бурагыч бургу*).
**ТРИ** *числ.* үч.
**три, три́те** *повел. от* **тере́ть.**
**ТРИА'ДА** *ж. филос.* триада (*Гегелдин идеалисттик философиясынын термини; ал бардык өнүгүүнүн процессин: тезис, антитезис, синтез деп үч баскычка бөлүп, анын жардамы менен табияттын жана коомдун чыныгы өнүгүшүн бурмалайт*).
**ТРИАНГУЛЯ'ЦИЯ** *ж.* триангуляция (**1.** *мат. бурчтардын же созулуштун өлчөмүн тригонометрия жолу менен эсептеп чыгаруу*; **2.** *геодезия ишинде колдонулуучу так өлчөө методу*).
**ТРИБУ'Н** *м.* **1.** *ист.* трибун (*Байыркы Римде — плебейлердин укуктарын коргоо милдети жүктөлгөн мансап кишиси*); **2.** *перен.* трибун (*чечен; бир коомдук топтун мүдөөлөрүн жактоочу коомдук ишмер*); **наро́дный трибу́н** элдик трибун.
**ТРИБУ'НА** *ж.* трибуна (**1.** *секиче, чыгып сүйлөөчү жай*; **2.** *секи, жарышты көрүү үчүн кишилер үстүнө чыгып туруучу секи, жай*).
**ТРИБУНА'Л** *м.* трибунал (*кээ бир жогорку соттук мекемелердин аты*); **революцио́нный трибуна́л** революциялык трибунал; **вое́нный трибуна́л** согуштук трибунал.
**ТРИВИА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* таң болгондук, айтыла жүргөндүк, эскиргендик (*мис. сөз, тема жөнүндө*).
**ТРИВИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое таң болгон, айтыла жүргөн.

www.bizdin.kg

**ТРИГОНОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *мат.* **тригонометрия**-*га т.*; тригонометриялык; **тригонометри́ческие фу́нкции** тригонометриялык функциялар.

**ТРИГОНОМЕ'ТРИЯ** *ж. мат.* тригонометрия (*математиканын — фигуралардагы сызыктары менен бурчтардын ортосундагы катнаштыктарды үйрөнүүчү бөлүмү*).

**ТРИДЕВЯ'ТЫЙ,** -ая, -ое: **в тридевя́том ца́рстве** *фольк.* жердин жети катар түбүндө; көз көргүс, кулак уккус жерде.

**ТРИ'ДЕВЯТЬ: за три́девять земе́ль** *фольк.* алда кайда, көз көргүс жерде.

**ТРИДЦАТИЛЕ'ТИЕ** *ср.* 1. (*срок*) отуз жыл, отуз жылдык мөөнөт; 2. (*годовщина*) отуз жылдык.

**ТРИДЦАТИЛЕ'ТНИЙ,** -яя, -ее 1. (*о сроке*) отуз жылдык; 2. (*о возрасте*) отуз жашар, отуз жаштагы, отуздагы; **тридцатиле́тний мужчи́на** отуз жаштагы эркек.

**ТРИДЦА'ТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* отузунчу; **глава́ тридца́тая** отузунчу глава; **тридца́тые го́ды** отузунчу жылдар.

**ТРИ'ДЦАТЬ** *числ.* отуз; **в тридцати́ киломе́трах от го́рода** шаардан отуз километр алыстыкта.

**ТРИ'ЕР** *м. с.-х.* триер (*эгинди сорттоочу жана тазалоочу машина*).

**ТРИЕРОВА'ТЬ** *несов. что, с.-х.* триердөө, триер менен тазалоо, триерге салуу.

**ТРИ'ЖДЫ** *нареч.* үч жолу, үч мертебе, үч ирет, үч жерде; **три́жды три — де́вять** үч жерде үч — тогуз; **я три́жды ему́ об э́том напомина́л** мен бул жөнүндө анын эсине үч жолу салганмын.

**ТРИ'ЗНА** *ж.* 1. *ист.* тризна, аш; **три́зна Кокете́я** Көкөйдүн ашы; 2. *перен. поэт.* тризна (*өткөндү, жоголгонду, өлгөндү капалуу түрдө эске түшүрүү*).

**ТРИКО'** *ср. нескл.* 1. (*шерстяная ткань*) трико; 2. (*одежда из вязаной ткани*) сокмо кездемеден жасалган кийим; 3. (*женское бельё из вязаной ткани*) аялдардын сокмо кездемеден жасалган ич кийими.

**ТРИКОТА'Ж** *м.* трикотаж (1. *машина менен согулган кездеме*; 2. *собир. ошондой кездемеден жасалган фуфайка, джемпер өңдүү буюмдар*).

**ТРИКОТА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое **трикота́ж**-*га т.*; трикотаждык; **трикота́жная фа́брика** трикотаж фабрикасы; **трикота́жные изде́лия** трикотаждык буюмдар.

**ТРИЛИ'СТНИК** *м. бот.* уй беде.

**ТРИЛЛИО'Н** *м. мат.* триллион (*миң миллиард*).

**ТРИЛО'ГИЯ** *ж. лит.* трилогия (*бир автордун ой-идеялары өз ара байланышкан үч чыгармасы*); **трило́гия «Мана́с»** «Манас» трилогиясы («*Манас*», «*Семетей*», «*Сейтек*»).

**ТРИМЕ'СТР** *м. уст.* триместр (*жогорку окуу жайларында — окуу жылынын үчтөн бири*).

**ТРИНА'ДЦАТЫЙ,** -ая, -ое *числ.* он үчүнчү.

**ТРИНА'ДЦАТЬ** *числ.* он үч.

**ТРИ'О** *ср. нескл. муз.* трио (1. *үч үнгө же үч музыкалык инструментке арналган музыкалык чыгарма*; 2. *триону аткарылышы*).

**ТРИ'ППЕР** *м. мед.* триппер; *см.* **гоноррé́я**.

**ТРИ'ПТИХ** *м. жив.* триптих (*үч бөлүктөн турган живопистик композиция*).

**ТРИ'СТА** *числ.* үч жүз.

**ТРИТО'Н** *м. зоол.* тритон (*кескелдирикке окшош, сууда да, кургакта да жүрүүчү жаныбардын бир түрү*).

**ТРИУ'МФ** *м.* триумф (1. *ист. Байыркы Римде — жеңип чыккан полководецтин шаңдуу түрдө борбор шаарга кириши*; 2. *чоң жеңиштин урматына иштелген салтанат*; 3. *чоң жетишкендик, чоң ийгилик*).

**ТРИУМФА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое триумфалдык (*салтанаттуу, жеңиштүү*); **триумфа́льное ше́ствие** триумфалдык жүрүш.

**ТРИУМФА'ТОР** *м.* триумфатор (*ардакталуучу, жеңип чыккан баатыр*).

**ТРИХИ'НА** *ж. зоол.* трихина (*айбандардын, көбүнчө чочконун, жана адамдын денесинде болуучу майда мите курт*).

**ТРИХИНО'З** *м. мед.* трихиноз (*трихина курттары аркылуу болуучу оору*).

**ТРО'ГАТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* толкугандык, таасир кылуучулук, көңүл уюта тургандык, козгогучтук.

**ТРО'ГАТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое жүрөктү элжиреткен, ичти элжиреткен, козгоочу; **тро́гательный расска́з** жүрөктү элжиреткен аңгеме.

**ТРО'ГАТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*прикасаться*) тийүү, кол тийгизүү, кармоо; **не тро́гай рука́ми** колуң менен тийбе, колду тийгизбе; 2. *кого, разг.* (*беспокоить*) тийүү; **не тро́гай его́, он серди́т** ага тийбе, ал ачууланып турат; 3. *разг.* жөнөө, кетүү, жолго чыгуу; **ну, тро́гай!** чү де!, кана жөнө!

**ТРО'ГАТЬСЯ** *несов.* 1. жөнөө, жүрүп кетүү, жолго чыгуу; **тро́гаться в путь** жолго чыгып жөнөө; 2. (*испытывать чувство умиления*) айоо, жаны ачуу, боору ооруу; 3. *см.* **тро́гать** 1.

**ТРОГЛОДИ'Т** *м.* 1. *палеонт.* троглодит (*үңкүрдө жашоочу алгачкы доордун адамдары*); 2. *перен. ирон.* одоно, маданиятсыз адам.

**ТРО'Е** *числ.* үчөө, үч; **их бы́ло тро́е** алар үчөө болчу; **тро́е су́ток** үч сутка; **вы тро́е** силер үчөөсүңөр.

**ТРОЕБО'РЬЕ** *ср. спорт.* троеборье (*спорттук көнүгүүнүн үч түрдөгү мелдеши*).

**ТРОЕКРА'ТНЫЙ,** -ая, -ое үч эсе, үч мертебе, үч ирет; **троекра́тное напомина́ние** үч мертебе эске салуу.

**ТРОИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*разделяться на трое*) үчкө бөлүнүү; 2. *чаще безл.* (*казаться тройным*) үчөө болуп көрүнүү; **у него́ тро́ится в глаза́х** анын көзүнө үчөө болуп көрүнүп турат.

**ТРО'ЙКА** *ж.* 1. (*цифра*) үчүлүк (*үч деген цифра*); 2. (*школьная отметка*) үч, үчүлүк; 3. (*карта*) үчүлүк; **тро́йка бубё́н** момундун үчтүгү; 4. *разг.* (*костюм*) тройка (*пиджак, шым жана желеткеси бар эркектин костюму*); 5. (*лошадей*) тройка (*үч ат чеккен жеңил араба*); 6. (*комиссия*) тройка (*үч кишиден түзүлгөн комиссия*).

**ТРОЙНО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*втрое больший*) үч эсе; **тройно́е коли́чество** үч эсе сан; 2. (*из трёх частей*) үч кабат, үч кат; **тройны́е ра́мы** үч кабат рама; ◇ **тройно́е пра́вило** *мат.* үч ирет эреже.

**ТРО'ЙНЯ** *ж.* үч эгиз; **роди́ть тро́йню** үч эгиз бала төрөө.

**ТРО'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое үчтөн түзүлгөн; **тро́йственный сою́з** үчтөн түзүлгөн союз (*мис. үч мамлекеттен, үч кишиден түзүлгөн союз*).

**ТРОЛЛЕ'ЙБУС** *м.* троллейбус (*электр кубаты менен жүрүүчү автобус*).

**ТРОМБ** *м. мед.* тромб (*кан тамырда уюган кан*).

**ТРОМБО'З** *м. мед.* тромбоз (*кандын тамырда уюшу*).

**ТРОМБО'Н** *м. муз.* тромбон (*үнү ар түрдүү болуп чыгуучу духовой музыкалык курал*).

**ТРОН** *м.* так, такты; **вступи́ть на трон** тактыга отуруу.

**ТРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **трон**-*го т.*

**ТРО'НУТЬ** *сов.* 1. *см.* **тро́гать**; 2. *кого что* (*растрогать*) таасир кылуу, көңүлдү козгоо, көңүл эритүү; жагыштуу; **его́ расска́з меня́ тро́нул до слёз** анын аңгемеси менин ыйлагымды келтирди; 3. *что, разг.* (*попортить*) тийүү, чалдыктыруу, урунтуу, уруп кетүү; **дере́вья тро́нуло моро́зом** жыгачтарды суук уруп кетти.

**ТРО'НУТЬСЯ** *сов.* 1. *см.* **тро́гаться**; 2. (*сдвинуться с места*) козголуу, жөнөө, жүрүү, чыгуу; **тро́нуться в путь** жолго чыгуу; **лёд тро́нулся** муз ордунан козголду; 3. *разг.* (*начать портиться*) сасуу, бүкшүү, бүксүү, бузулуу, борсуу; **мя́со тро́нулось** эт бузула баштады; 4. *перен. разг.* (*сойти с ума*) жин тийүү, жинди болуу, мээси козголуу.

**ТРОП** *м. лит.* троп (*өтмө маанide айтылган сөз же сүйлөм*).

www.bizdin.kg

**ТРОПА́** *ж.* чыйыр жол, чыйыр, жалгыз аяк жол; **го́рная тропа́** тоодогу жалгыз аяк жол; **ко́нная тропа́** аттын чыйыры; **идти́ лесно́й тропо́й** токойдогу жалгыз аяк жол менен жүрүү.

**ТРО́ПИК** *м. геогр.* 1. тропик (*экваторго параллель деп өлчөнгөн параллель тегерек*); **тро́пик Ра́ка** Рак тропиги (*экватордон түндүк жактагы тропик*); **тро́пик Козеро́га** Козерог тропиги (*экватордон түштүк жактагы тропик*); 2. **тро́пики** *мн.* тропик, тропиктер (*тропиктер аралыгындагы ысык өлкөлөр*); **в тро́пиках** тропиктерде.

**ТРОПИ́НКА** *ж.* чыйыр, чыйыр жол, жалгыз аяк жол; **идти́ тропи́нкой (по тропи́нке)** жалгыз аяк жол менен жүрүү.

**ТРОПИ́ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **тропик** 2-*ге т.*; тропиктик; **тропи́ческий лес** тропиктик токой, тропик токою; **тропи́ческая жара́** тропиктик ысык; **тропи́ческая лихора́дка** тропиктик безгек, калтыратма.

**ТРО́ПКА** *ж. разг. см.* **тропи́нка.**

**ТРОПОСФЕ́РА** *ж.* тропосфера (*жер бетинен стратосферага чейинки аба катмары*).

**ТРОС** *м. мор., тех.* трос (*кендирден, сымдан жасалган жоон аркан*).

**ТРОСТИ́НКА** *ж.* камыштын сөңгөгү, бир тал камыш.

**ТРОСТНИ́К** *м.* камыш; **са́харный тростни́к** кант камышы (*кант чыгуучу камыш*).

**ТРОСТНИКО́ВЫЙ**, -ая, -ое **тростник**-*ке т.*; камыштуу; **тростнико́вые за́росли** камыштуу жер; **тростнико́вый са́хар** камыш канты.

**ТРО́СТОЧКА** *ж. уменьш. от* **трость** кичинекей ичке таяк.

**ТРОСТЬ** *ж.* ичке таяк, ичке аса.

**ТРОТУА́Р** *м.* тротуар (*көчөнүн эки жагында, үйлөрдү бойлоп кетүүчү, жөө киши жүрө турган кичине жол*).

**ТРОФЕ́Й** *м.* олжо; трофей; **вое́нные трофе́и** согуш олжолору.

**ТРОФЕ́ЙНЫЙ**, -ая, -ое **трофей**-*ге т.*; трофейлик; **трофе́йное вооруже́ние** трофейлик курал.

**ТРОЮ́РОДНЫЙ**, -ая, -ое чоң аталары *же* чоң энелери бир тууган; **трою́родный брат** чоң атасы *же* чоң энеси бир тууган ини *же* ага.

**ТРОЯ́КИЙ**, -ая, -ое үч түрдүү, үч маанилүү, үч жол менен түшүнүлүүчү; **троя́кий смысл** үч түрдүү маани.

**ТРУБА́** *ж.* 1. труба, мор, керней, түтүк; **водосто́чная труба́** суу аккыч труба; **дымова́я труба́** мор; **подзо́рная труба́** дүрбү; 2. *муз.* труба (*керней-сурнай сыяктуу музыкалык инструмент*); **игра́ть на трубе́** трубаны тартып ойноо; 3. *анат.* түтүк; **евста́хиева труба́** евстахий түтүгү (*кулакты тамак менен байланыштырып турган түтүк*); 4. *охот.* (*хвост лисы*) түлкүнүн куйругу; ◇ **вы́лететь в трубу́** *разг.* сынуу (*мис. соодагер, капиталист*); **хвост трубо́й** *разг.* куйругун сыртка салып.

**ТРУБАДУ́Р** *м. ист.* трубадур (*орто кылымдарда—түштүк Франциядагы кыдырма ырчы, акын*).

**ТРУБА́Ч** *м.* трубач (*сурнайчы, кернейчи киши*).

**ТРУБИ́ТЬ** *несов.* 1. *что, во что* труба тартуу, керней тартуу, сурнай тартуу; **труби́ть в трубу́** труба тартуу; **труби́ть сбор** труба менен «чогулгула» деген белгини ойноо; 2. (*звучать — о трубе*) труба тартуу, сурнай тартуу, керней тартуу; **тру́бы трубя́т** сурнай тартып жатышат; 3. *о ком-чём, перен. разг.* (*разглашать*) жайып жиберүү, сөз таратуу; **об э́том де́ле все трубя́т** бул иш жөнүндө бардыгы сүйлөп жүрүшөт.

**ТРУ́БКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **труба́** 1 түтүкчө, түтүк; **сверну́ть бума́гу тру́бкой** кагазды түтүктөй кылып түрүү; 2. (*курительная*) канжа; 3. (*телефонная*) трубка.

**ТРУ́БНЫЙ**, -ая, -ое **труба** 2-*ге т.*; **тру́бный звук** трубанын үнү.

**ТРУБОЛИТЕ́ЙНЫЙ**, -ая, -ое труба куюучу; **труболите́йный заво́д** труба куюучу завод.

**ТРУБОПРОВО́Д** *м. тех.* трубопровод (*суюктукту же газды алыска жиберүү үчүн жасалган труба*).

**ТРУБОПРОКА́ТНЫЙ**, -ая, -ое трубопрокаттык; **трубопрока́тный заво́д** трубопрокаттык завод.

**ТРУБОПРОКА́ТЧИК** *м. тех.* трубопрокатчик (*трубопрокаттык заводдун жумушчусу*).

**ТРУБОРЕ́З** *м. тех.* труборез (*металлдан жасалган трубаларды кесүүчү аспап*).

**ТРУБОЧИ́СТ** *м.* мор тазалоочу (*мештин морун тазалоочу киши*).

**ТРУ́БОЧНЫЙ**, -ая, -ое **трубка** 2-*ге т.*; **тру́бочный таба́к** канжа менен чегилүүчү тамеки, канжа менен тартылуучу тамеки.

**ТРУ́БЧАТЫЙ**, -ая, -ое 1. *тех.* (*с трубами*) трубалуу, трубасы бар, түтүктүү; 2. (*в форме трубы или трубок*) труба сыяктуу, түтүк сыяктуу.

**ТРУД** *м.* 1. эмгек; **свобо́дный и ра́достный труд** эркин жана кубанычтуу эмгек; **наё́мный труд** жалданма эмгек; **физи́ческий труд** күч эмгеги; **ору́дия труда́** эмгек куралы; **производи́тельность труда́** эмгектин өндүрүмдүүлүгү; **разделе́ние труда́** эмгектин бөлүнүшү; **охра́на труда́** эмгекти коргоо; 2. (*заботы, хлопоты*) эмгек, мээнет; **положи́ть** *на что-л.* **мно́го труда́** *бир нерсеге* көп эмгек жумшоо, сарп кылуу; **без осо́бого труда́** оңой эле, анчалык деле эмгек жумшабастан; **с больши́м трудо́м доби́ться** *чего-л.* *бир нерсеге* көп эмгек кылуу менен жетишүү; 3. (*произведение*) эмгек (*чыгарма*); **печа́тный труд** басмага басылган эмгек; **нау́чный труд** илимий эмгек.

**ТРУДИ́ТЬСЯ** *несов.* 1. (*работать*) эмгектенүү, эмгек кылуу; **труди́ться на бла́го ро́дины** родинанын жыргалчылыгы үчүн эмгек кылуу; 2. *над чем* (*прилагать усилия*) эмгектенүү, күч жумшоо; **труди́ться над зада́чей** эсеп чыгарып эмгектенүү.

**ТРУ́ДНО** 1. *нареч.* кыйын, оор; **тру́дно произноси́мый** айтууга кыйын болгон (*сөз*), сүйлөөгө кыйын болгон (*сөз*); 2. *в знач. сказ.* кыйын; **его́ тру́дно поня́ть** аны түшүнүү кыйын; **э́то о́чень тру́дно реши́ть** муну чечүү өтө кыйын.

**ТРУДНОВА́ТО** *нареч. и в знач. сказ. разг.* бир аз кыйын, бир аз оор.

**ТРУДНОВОСПИТУ́ЕМЫЙ**, -ая, -ое тарбиялоосу кыйын, кыйындык менен тарбиялана турган; **трудновоспиту́емый ребё́нок** тарбиялоосу кыйын бала.

**ТРУДНОДОСТУ́ПНЫЙ**, -ая, -ое баруусу кыйын, кыйындык менен барыла турган, жетүүсү кыйын; **труднодосту́пный райо́н** жетүүсү кыйын район.

**ТРУДНОПРОХОДИ́МЫЙ**, -ая, -ое өтүүсү кыйын, кыйындык менен өтүлө турган.

**ТРУ́ДНОСТЬ** *ж.* кыйындык, оордук, кыйынчылык; **преодоле́ть все тру́дности** бардык кыйынчылыктарды жеңүү.

**ТРУ́ДНЫЙ**, -ая, -ое кыйын, оор; **тру́дная рабо́та** кыйын жумуш; **тру́дная зада́ча** кыйын милдет, кыйын маселе; **тру́дный путь** кыйын жол; **тру́дный вопро́с** кыйын маселе; **тру́дное положе́ние** оор абал, кыйын абал.

**ТРУДОВО́Й**, -а́я, -о́е 1. (*живущий заработком от труда*) эмгекчи; **трудово́е населе́ние** эмгекчи эл; **трудово́е крестья́нство** эмгекчи дыйкандар; 2. (*связанный с трудом*) эмгек менен, эмгектик; **трудова́я жизнь** эмгек менен жан баккан турмуш; **трудово́й день** эмгек күнү; **трудово́й стаж** эмгек стажы; **трудова́я дисципли́на** эмгек тартиби; **трудово́е воспита́ние** эмгек тарбиясы; **трудовы́е резе́рвы** эмгек резервдери; **трудова́я кни́жка** эмгек книжкасы.

**ТРУДОДЕ́НЬ** *м.* эмгек күн; **опла́та труда́ по трудодня́м** эмгек күн боюнча эмгек акысын төлөө; **зарабо́тать пятьсо́т трудодне́й** беш жүз эмгек күн иштеп табуу.

**ТРУДОЁМКИЙ**, -ая, -ое эмгекти көп талап кылуучу; **трудоё́мкая рабо́та** эмгекти көп талап кылуучу жумуш; **механиза́ция трудоё́мких рабо́т** эмгекти көп талап кылуучу жумуштарды механизациялаштыруу.

www.bizdin.kg

**ТРУДОЁМКОСТЬ** *ж.* эмгекти көп талап кылуучулук.

**ТРУДОЛЮБИ'ВЫЙ,** -ая, -ое эмгекчил, эмгекти сүйгөн; **трудолюби́вый челове́к** эмгекти сүйгөн адам.

**ТРУДОЛЮ'БИЕ** *ср.* эмгекчилдик, эмгекти сүйүүчүлүк.

**ТРУДОСПОСО'БНОСТЬ** *ж.* эмгекке жарагандык, эмгек кылууга ыйкемдүүлүк, эмгекке жарамдуулук, эмгекке жөндөмдүүлүк; **потеря трудоспосо́бности** эмгекке жарамдуулугун жоготуу; **сохрани́ть трудоспосо́бность до ста́рости** карыганча эмгекке жарамдуулугун сактоо.

**ТРУДОСПОСО'БНЫЙ,** -ая, -ое эмгекке жөндөмдүү, эмгекке жарамдуу; **трудоспосо́бное населе́ние** эмгекке жөндөмдүү кишилер.

**ТРУДЯ'ЩИЙСЯ,** -аяся, -ееся 1. *прич. от* **труди́ться;** 2. *в знач. сущ. м., ж.* эмгекчи; **трудя́щиеся го́рода и дере́вни** шаар менен кыштактын эмгекчилери.

**ТРУ'ЖЕНИК** *м.* эмгекчи, мээнеткеч, талыбай эмгек кылган адам; **тру́женики социалисти́ческих поле́й** социалисттик талаанын талыбай эмгек кылгандары.

**ТРУ'ЖЕНИЦА** *женск. р. к* **тру́женик.**

**ТРУ'ЖЕНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **труженик**-*ке т.*; **тру́женическая жизнь** эмгек менен өткөргөн өмүр.

**ТРУНИ'ТЬ** *несов. над кем-чем, разг.* шылдыңдоо, кекеленөө, мазактоо.

**ТРУП** *м.* өлүк (*кишинин же айбандын*).

**ТРУ'ПНЫЙ,** -ая, -ое **труп**-*ка т.*; **тру́пный за́пах** өлүктүн жыты; **тру́пный яд** өлүктүн уусу.

**ТРУ'ППА** *ж.* труппа (*бир театр же циркте иштөөчү артисттер коллективи*).

**ТРУС** *м.* коркок, жүрөгү жок; ◇ **тру́са пра́здновать** *разг.* коркуу, коркоктук кылуу.

**ТРУ'СИКИ** *только мн.* трусик (*кыска, чолок дамбал*).

**ТРУ'СИТЬ** *несов.* коркуу, коркоктук кылуу, жүрөгү жоктук кылуу; **почему́ ты тру́сишь пе́ред учи́телем?** *разг.* мугалимдин алдында сен эмне үчүн коркоктук кыласың?

**ТРУСИ'ТЬ** I *несов. что* (*вытряхивать*) силкүү, кагуу; **труси́ть муку́ из мешка́** каптан унду кагуу.

**ТРУСИ'ТЬ** II *несов. разг.* (*бежать рысцой*) желүү, бүлкүлдөп желүү; **лоша́дка труси́т по доро́ге** ат жолдо бүлкүлдөп желип бара жатат.

**ТРУСИ'ХА** *женск. р. к* **трус.**

**ТРУСЛИ'ВОСТЬ** *ж.* коркоктук, жүрөксүздүк.

**ТРУСЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое коркок.

**ТРУ'СОСТЬ** *ж.* коркоктук, жүрөксүздүк; **преодоле́ть тру́сость** коркоктукту жеңүү.

**ТРУСЦА'** *ж. разг.* желдирүү, бүлкүлдөп желиш; **е́хать трусцо́й** бүлкүлдөк желиш менен жүрүү.

**ТРУСЫ'** *только мн. см.* **тру́сики.**

**ТРУТ** *м.* куу (*оттук таштын куусу*).

**ТРУ'ТЕНЬ** *м.* 1. (*самец пчелы*) аарынын эркеги; 2. *перен.* (*бездельник, лентяй*) жалкоо, аяк бошотор, арам тамак.

**ТРУ'ТНИК** *м. бот.* трутник (*жыгачтын бооруна жабышып чыгуучу, кургаган кезинде оттук ташка куу болуучу козу карын*).

**ТРУТОВИ'К** *м. бот.* буржук (*жыгачка жабышып өсүүчү така формалуу мите козу карын*).

**ТРУТОВИ'ЦА** *ж. см.* **трутови́к.**

**ТРУХА'** *ж.* 1. тыпын, чөп тыпыны; **преврати́ться в труху́** тыпынга айлануу; 2. *перен. разг.* көр-жер, жараксыз нерсе.

**ТРУХЛЯ'ВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* чириген, чирип үбөлөнгөн; **трухля́вый пень** чирип үбөлөнгөн дүмүр.

**ТРУХНУ'ТЬ** *сов. разг.* (*испугаться*) чочуп кетүү, коркуп кетүү, үркүп кетүү.

**ТРУЩО'БА** *ж.* 1. (*труднопроходимое место*) чытырман; **лесны́е трущо́бы** токой чытырманы; 2. (*захолустье*) алыскы түнт жер; 3. (*бедная окраина города*) шаардын тар үйлүү, ыпылас чет жакасы.

**ТРЫН-ТРАВА'** *в знач. сказ. кому, неизм. разг.*: **ему́ всё трын-трава́** ал быш дебейт, быш этпейт, ага баары бир.

**ТРЮИ'ЗМ** *м.* жалпыга белгилүү, айтыла жүргөн, таң болгон чындык.

**ТРЮК** *м.* 1. (*искусный приём*) трюк (*усталык менен иштелген ыкма*); **акробати́ческий трюк** акробаттык трюк (*өтө татаал акробаттык номер*); 2. *перен.* (*ловкая проделка*) трюк (*амалдуу, айлалуу иш*).

**ТРЮКА'Ч** *м. разг.* трюкач (1. *өтө татаал акробаттык номер көрсөтүүчү киши*; 2. *перен. адамды таң калтыра турган укмуштуу иш кылуучу адам*).

**ТРЮКА'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *разг.* **трюкач**-*ка т.*

**ТРЮКА'ЧЕСТВО** *ср. разг. неодобр.* трюкачтык; *см.* **трюка́ч.**

**ТРЮМ** *м. мор.* трюм (*кеменин ички механизмдерди, жүктөрдү коюучу көңдөйү*).

**ТРЮМО'** *ср. нескл.* трюмо, бийик чоң күзгү.

**ТРЮ'ФЕЛЬ** *м.* трюфель (1. *бот. козу карындын бир түрү*; 2. *шоколад конфетинин бир түрү*).

**ТРЮ'ХАТЬ** *несов. разг.* солкулдап желип басуу.

**ТРЯ** *межд.* (*окрик на овец*) чай (*койго карата*).

**ТРЯПИ'ЧНИК** *м.* 1. (*скупщик тряпья*) чүпүрөкчү, эски-уску чүпүрөктөрдү сатып алуучу; 2. *перен. разг.* (*скупой, мелочной человек*) назары пас, майда сараң.

**ТРЯПИ'ЧНИЦА** *разг.* 1. *женск. р. к* **тряпи́чник;** 2. *ж. пренебр.* кийим эле деп калган (*аял*).

**ТРЯПИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **тряпка**-*га*, **тряпьё**-*го т.*; **тряпи́чная бума́га** чүпүрөктөн жасалган кагаз.

**ТРЯ'ПКА** 1. *ж.* чүпүрөк; 2. **тря́пки** *мн. разг. пренебр.* (*о нарядах*) аялдардын кийим-кечектери; 3. *м. и ж. перен., разг.* (*безвольный человек*) үлжүрөгөн, бош киши.

**ТРЯ'ПОЧКА** *ж. уменьш. от* **тря́пка** 1 чүпүрөк, кичине чүпүрөк.

**ТРЯПЬЁ** *ср. собир.* чүпүрөк-сапырак, эски-уску чүпүрөк.

**ТРЯСИ'НА** *ж.* сормо, саздын сормо жери.

**ТРЯ'СКА** *ж.* солкулдатуу, чайкоо, силкүү (*мис. машинада*).

**ТРЯ'СКИЙ,** -ая, -ое силкилдетме, чайкама, солкулдатма; **тря́ская доро́га** силкилдетме жол.

**ТРЯСОГУ'ЗКА** *ж. зоол.* жылкычы (*чымчык*).

**ТРЯСТИ'** *несов.* 1. *кого-что* силкүү, силкилдетүү, солкулдатуу, чайкоо; **трясти́ ру́ку** колду катуу кармап силкилдетүү (*мис. амандашканда*); **не тряси́ стол** столду солкулдатпа; 2. *что* (*вытряхивать*) силкүү, кагуу; **трясти́ ковры́** килемди кагуу; 3. *чем* (*двигать из стороны в сторону*) козгоо, чайкоо, термөө, силкүү; **трясти́ ного́й** бутту чайкоо; **ло́шадь трясёт гри́вой** ат жалын силкет; 4. *кого-что и безл.* (*вызывать дрожь*) титиретүү, дирилдетүү, калчылдатуу, калтыратуу; **его́ трясёт лихора́дка** аны безгек калчылдатып жатат; **его́ трясёт от волне́ния** толкундангандыктан ал титиреп турат; 5. *разг.* (*быть тряским*) силкүү, чайкоо, согуу, солкулдатуу, термелтүү; **теле́га трясёт** араба солкулдатат.

**ТРЯСТИ'СЬ** *несов.* 1. (*дрожать, колебаться*) силкилдөө, калтылдоо, солкулдоо; **дере́вья трясу́тся от ве́тра** дарактар шамалдан солкулдап турушат; **трясти́сь от сме́ха** солкулдап күлүү; 2. *разг.* (*ехать на чём-л. тряском*) солкулдоо; **трясти́сь на теле́ге** арабада отуруп бара жатып солкулдоо; 3. (*испытывать дрожь*) титиреө, дирилдөө, калчылдоо, калтыроо; **трясти́сь от хо́лода** сууктан калчылдоо; 4. *над кем-чем, разг.* (*бояться что-л. утратить*) аяп үстүнө түшүү; **трясти́сь над свои́м ребёнком** баласынын үстүнө түшө калуу; **трясти́сь над ка́ждой копе́йкой** ар бир тыйын үчүн калтыроо.

**ТРЯХНУ'ТЬ** *однокр. к* **трясти́** 1, 2, 3, 5; ◇ **тряхну́ть старино́й** *разг.* жаштык кези эске түшүп, деле-

www.bizdin.kg

беси козголуу; **тряхну́ть мошно́й** *разг.* жоомарттык кылуу.

**ТСС** *межд.* тсс (*«тынч» деген маанидe, тынч болууга чакырууда колдонулат*).

**ту** *мест. вин. п. от* **та.**

**ТУАЛЕ'Т** *м.* 1. (*наряд*) туалет (*кийим, жасалга*); **роско́шный туале́т** сонун туалет; 2. (*одевание*) туалет (*кийинүү*); **занима́ться туале́том** туалет кылуу (*кийим кийинүү; оңдонуу, жасануу*); 3. (*столик с зеркалом*) туалет (*үстүндө күзгүсү бар стол*); 4. (*уборная*) туалет (*даараткана, ажаткана*).

**ТУАЛЕ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **туалет**-*ке т.*; туалеттик; **туале́тное мы́ло** атыр самын; **туале́тные принадле́жности** туалеттик буюмдар; **туале́тная ко́мната** *см.* **туале́т** 4.

**ТУБЕРКУЛЁЗ** *м. мед.* туберкулёз, кургак учук; **туберкулёз лёгких** өпкө туберкулёзу; **ко́стный туберкулёз** сөөк туберкулёзу.

**ТУБЕРКУЛЁЗНЫЙ,** -ая, -ое **туберкулёз**-*го т.*; **туберкулёзный больно́й** туберкулёз менен ооруган киши; **туберкулёзный проце́сс** туберкулёз процесси; **туберкулёзный диспансе́р** туберкулёз диспансери.

**ТУБЕРО'ЗА** *ж. бот.* тубероза (*жыттуу ак гүлү бар өсүмдүк*).

**ТУВИ'НЕЦ** *м.* тувин.

**ТУВИ'НКА** *женск. р. к* **тува́нец**; тувинка.

**ТУВИ'НСКИЙ,** -ая, -ое **Тува**-*га*, **тувинец**-*ке т.*

**ТУВИ'НЦЫ** *мн.* тувиндер.

**ТУ'ГО** 1. *нареч.* (*крепко*) бекем, катуу, тырыштыра; **ту́го завяза́ть** бекем байлоо; **ту́го натяну́ть** катуу тартуу; 2. *нареч.* (*плотно*) бекем, катуу, тыгыз, шыкалып, шыкап; **ту́го наби́ть мешо́к** капты шыкап толтуруу; 3. *нареч. разг.* (*с трудом*) кыйындык менен, зорго, оордук менен, араң-араң, араң дегенде; **де́ло продвига́ется ту́го** иш кыйындык менен жүрүп жатат, иш зорго жүрүп жатат; 4. *безл. в знач. сказ. разг.* (*плохо*) чатак, жаман, кыйын, оор; **ему́ пришло́сь ту́го** ага кыйын болду; **ту́го, брат, де́ло** иш чатак, тууган; **с деньга́ми у него́ ту́го** анын акча маселеси кыйын; ◇ **ту́го-на́туго** *разг.* абдан тыгыз, абдан катуу, абдан бек.

**ТУГО'Й,** -а́я, -о́е 1. (*крепко натянутый, упругий*) катуу; **туга́я пружи́на** катуу пружина; 2. (*плотно набитый*) катуу, тыгыз, шыкап толтурулган; **туго́й мешо́к** шыкап толтурулган кап; ◇ **туго́й на́ ухо** кулагы катуу.

**ТУГОПЛА'ВКИЙ,** -ая, -ое *тех.* араң эрүүчү, кыйындык менен эрүүчү; **тугопла́вкий мета́лл** кыйындык менен эрүүчү металл.

**ТУГОПЛА'ВКОСТЬ** *ж. тех.* араң эригичтик, кыйындык менен эригичтик.

**ТУГОУ'ЗДЫЙ,** -ая, -ое оозу катуу (*ат*).

**ТУДА'** *нареч.* тиякка, тиги жакка, тиги жерге, тиги тарапка; **иди́те туда́** тиги жакка барыңыз; **биле́т туда́ и обра́тно** барыш жана кайта келиш билети; ◇ **ни туда́ ни сюда́** *разг.* же ары эмес, же бери эмес; **туда́ ему́ и доро́га** *разг.* ага чала болуптур, ал ошондой эле болмок.

**ТУДА'-СЮДА'** *разг.* 1. *нареч.* (*в разные стороны*) тияк-биягы; ал жакка, бул жакка; жан-жакка; **посмотре́ть туда́-сюда́** тияк-биягын кароо; 2. *в знач. сказ.* (*так себе, сносно*) ары да эмес, бери да эмес; анчалык жаман эмес, дурус; **э́то ещё туда́-сюда́** бул дагы анчалык жаман эмес.

**ТУ'ЕВЫЙ,** -ая, -ое **туя**-*га т.*

**ТУ'ЖЕ** *сравн. ст. от прил.* **туго́й** *и нареч.* **ту́го.**

**ТУЖИ'ТЬ** *несов. по ком-чём, о ком-чём, разг.* кайгыруу, капа чегүү, кам жеш.

**ТУ'ЖИТЬСЯ** *несов. разг.* ыйынуу, күчөнүү, ыйынып-ычкынуу, тырышып-тырмышуу.

**тужу́, тужи́шь** *и т. д. наст. вр. от* **тужи́ть.**

**ТУЖУ'РКА** *ж.* тужурка (*бешмант*).

**ТУЗ** *м.* 1. *карт.* туз; **пи́ковый туз** карганын тузу; **ходи́ть с туза́** туздан жүрүү; 2. *перен. разг.* (*влиятельное лицо*) беделдүү, дөө-шаа (*байлык же мансап жагынан*).

**ТУЗЕ'МЕЦ** *м.* жергиликтүү киши.

**ТУЗЕ'МКА** *женск. р. к* **тузе́мец.**

**ТУЗЕ'МНЫЙ,** -ая, -ое жергиликтүү; **тузе́мное населе́ние** жергиликтүү эл.

**ТУЗИ'ТЬ** *несов. кого-что, прост.* аябай муштоо.

**ТУК** *м. чаще мн., с.-х.* тук (*минералдык жер семирткич*).

**ТУ'КОВЫЙ,** -ая, -ое **тук**-*ка т.*

**ТУ'ЛОВИЩЕ** *ср.* тулку бой, тула бой, көөдөн.

**ТУЛУ'П** *м.* тон, ичик; **за́ячий тулу́п** коён ичик.

**ТУЛЬЯ'** *ж.* төбө (*баш кийимдин төбөсү*); **шля́па с высо́кой тулье́й** төбөсү бийик калпак.

**ТУМА'К** *м. разг.* муштоо, муштум менен уруу.

**ТУМА'Н I** *м.* туман; **густо́й тума́н** калың туман, коюу туман; **спусти́лся тума́н** туман түштү; ◇ **тума́н в глаза́х** көздүн алды караңгылоо; **у меня́ в голове́ тума́н** менин башым маң болуп турат.

**ТУМА'Н II** *м.* (*иранская монета*) туман (*ирандык акча*).

**ТУМА'НИТЬ** *несов. что* 1. (*застилать туманом*) туман басуу, тумандоо; **дым тума́нит даль** түтүн алыстыкты тумандатып турат; 2. *перен.* тунартуу, күүгүмдөтүү, күңүрттөнтүү, бүдөмүктөө; **слёзы тума́нят глаза́** көздү жаш каптап тунартып турат.

**ТУМА'НИТЬСЯ** *несов.* 1. (*застилаться туманом*) тумандануу, туман басуу; 2. *перен.* тунаруу, тумандануу, ачык көрбөө, күңүрттөнүү.

**ТУМА'ННОСТЬ** *ж.* 1. (*скопление тумана*) тумандуулук, туман; 2. *астр.* (*скопление звёзд*) жыбырап калың жылдыз; 3. *перен.* (*неясность*) тунаргандык, ачык эместик, күүгүмдүк.

**ТУМА'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. тумандуу; **тума́нная пого́да** тумандуу аба ырайы; 2. *перен.* (*неясный*) тунарган, ачык эмес, күңүрт; **тума́нное выраже́ние** ачык эмес сөз; 3. *перен.* (*тусклый*) тунарган; **тума́нный взгляд** тунарган көз караш.

**ТУ'МБА** *ж.* 1. (*у тротуара или дороги*) тумба (*кыска жоон мамыча-казык*); 2. (*подставка, подножие*) тумба (*гүл, күзгү коюу үчүн жасалган тектирче*); 3. *перен. разг.* (*о человеке*) күпчөктөй жоон адам.

**ТУ'МБОЧКА** *ж.* 1. *уменьш. от* **ту́мба** тумбочка; 2. (*шкафчик*) тумбочка (*кичине шкаф*).

**ТУНГУ'С** *м. уст.* тунгус; *см.* **эве́нк.**

**ТУНГУ'СКА** *женск. р. к* **тунгу́с**; тунгуска; *см.* **эвенки́йка.**

**ТУНГУ'ССКИЙ,** -ая, -ое **тунгус**-*ка т.*; *см.* **эвенки́йский.**

**ТУНГУ'СЫ** *мн.* тунгустар; *см.* **эве́нки.**

**ТУ'НДРА** *ж.* тундра (*түндүк полярдык жерлердеги майда өсүмдүктүү мейкиндик*).

**ТУ'НДРОВЫЙ,** -ая, -ое **тундра**-*га т.*; **ту́ндровая полоса́** тундра тилкеси.

**ТУНЕЯ'ДЕЦ** *м. презр.* арам тамак, жатып ичер, аяк бошотор.

**ТУНЕЯ'ДСТВО** *ср. презр.* арам тамактык, жатып ичердик, аяк бошоторчулук.

**ТУНИ'КА** *ж.* туника (*байыркы римдиктердин ички кийими: жеңи кыска узун ак көйнөк*).

**ТУННЕ'ЛЬ** *м.* туннель (*тешкен тоо; тоону же жерди тешип салынган жол*); **тунне́ль метрополите́на** метрополитендин туннели; **го́рный тунне́ль** тешкен тоо.

**ТУННЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **туннель**-*ге т.*

**ТУПЕ'ТЬ** *несов.* 1. (*становиться тупым — о ноже и т. п.*) мокоо, мокоп калуу, өтпөй калуу; 2. *перен.* (*слабеть*) начарлануу; **у него́ тупе́ет па́мять** ал унутчаак боло баштады; 3. *перен.* (*глупеть*) зээнинен ажырай баштоо, мээси бөксөрө баштоо.

www.bizdin.kg

**ТУПИ'К** *м.* **1.** (*улица*) туюк (*туюк көчө*); **2.** *ж.-д.* туюк (*жолдун бүткөн жери*); **3.** *перен.* (*безвыходное положение*) туюкка камалып калгандай абал; аргасыз абал; **поста́вить в тупи́к** туюкка такоо, айла таппас жерге алып баруу, аргасын кетирүү.

**ТУПИ'ТЬ** *несов. что* мокотуу; **тупи́ть нож** бычакты мокотуу.

**ТУПИ'ТЬСЯ** *несов.* мокоо, өтпөй калуу.

**ТУПИ'ЦА** *м. и ж. разг.* түшүнүгү начар, акылы кем киши.

**ТУ'ПО** *нареч.* (*бессмысленно*) эч нерсеге түшүнбөй, акылга салбай ичтөө *же* сүйлөө.

**ТУПОГОЛО'ВЫЙ,** -ая, -ое кем акыл (*киши*).

**ТУПО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*о ноже и т. п.*) мокок, өтпөгөн; **тупа́я пила́** мокок араа; **2.** (*не суживающийся к концу*) тукул, шуштугуй эмес; **тупо́й коне́ц яйца́** жумуртканын тукул жагы; **3.** *перен.* (*ограниченный*) зээнсиз, мокок, ацкоо; **тупо́й челове́к** зээнсиз киши, мокок киши; **4.** *перен.* (*невыразительный*) маанисиз; **тупо́й взгляд** маанисиз көз караш; **5.** *перен.* (*безропотный*) каяшасыз, жоош; **тупа́я поко́рность** каяшасыз багынуучулук; **6.** *перен.* (*нерезкий*) сыздаган; **тупа́я боль** сыздаган оору; ◇ **тупо́й у́гол** *мат.* кең бурч.

**ТУПОКОНЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое тукул учтуу.

**ТУПОНО'СЫЙ,** -ая, -ое тукул баштуу, жалпак баштуу, жалпак тумшуктуу; **тупоно́сые сапоги́** жалпак баштуу өтүк.

**ТУ'ПОСТЬ** *ж.* **1.** (*несообразительность*) зээнсиздик, мококтук, маңыроолук, кем акылдуулук; **2.** (*бессмысленность*) маанисиздик (*мис. көз караш жөнүндө*).

**ТУПОУГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кең бурчтуу; **тупоуго́льный треуго́льник** кең бурчтуу үч бурчтук.

**ТУПОУ'МИЕ** *ср.* акылы кемдик, зээнсиздик, маңыроолук.

**ТУПОУ'МНЫЙ,** -ая, -ое аңкоо, акылсыз, зээнсиз, маңыроо.

**ТУР** I *м.* **1.** тур (*бийдин бир айланып чыгышы*); **тур ва́льса** вальстын туру; **2.** *спорт., шахм.* тур (*мелдешүүнүн бөлүгү*); **второ́й тур ша́хматного турни́ра** шахмат турниринин экинчи туру; **3.** *перен.* тур, катар (*окуялардын, кубулуштардын бүткөн катары*).

**ТУР** II *м. воен.* тур (*ичине топурак толтурулган, түбү жок корзина; бул корзина ар түрдүү согуштук-инженердик жумуштарда колдонулат*).

**ТУР** III *м. зоол.* тоо эчки (**1.** *бул — Кавказда жашайт;* **2.** *17 кылымга чейин Европа токойлорунда жашаган жапайы өгүздүн бир түрү*).

**УГНА́ТЬ** *сов. кого-что* **1.** айдап кетүү, кууп кетүү; **угна́ть ста́до в по́ле** малды талаага айдап кетүү. **2.** (*украсть*) тийип кетүү, уурдап кууп кетүү; **конокра́ды угна́ли ло́шадь** ат ууурулары бир атты кууп кетишти.

**УГНА́ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*догнать*) кууп жетүү; **я е́ле мог угна́ться за ним** мен аны зорго кууп жеттим; **2.** *перен.* (*сравняться*) теңелүү; **тебе́ за ним не угна́ться** сен ага теңеле албайсың.

**УГНЕТА́ТЕЛЬ** *м.* эзүүчү.

**УГНЕТА́ТЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **угнетатель**-*ге т.*

**УГНЕТА́ТЬ** *несов. кого-что* **1.** (*притеснять*) эзүү; **2.** *перен.* (*удручать*) кыйноо, азап чектирүү; **его́ угнета́ли мра́чные мы́сли** аны кайгылуу ойлор кыйнады.

**УГНЕТА́ЮЩЕ** *нареч.* эзип, басып; чөгөрүп (*көңүлдү*); **э́то на меня́ де́йствует угнета́юще** бул менин көңүлүмдү чөгөрүп турат.

**УГНЕТЕ́НИЕ** *ср.* **1.** эзүү; **колониа́льное угнете́ние** колониалдык эзүү; **национа́льное угнете́ние** улуттук эзүү; **2.** *перен.* (*подавленное состояние*) көңүлү чөгөт болуу.

**УГНЕТЁННОСТЬ** *ж.* **1.** эзилгендик; **2.** *перен.* (*подавленное состояние*) сабыры суздук, көңүлү чөгөттүк.

**УГНЕТЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **угнета́ть; 2.** *прил.* (*порабощённый, преследуемый*) эзилген; **угнетённые наро́ды** эзилген элдер; **угнетённые кла́ссы** эзилген таптар; **3.** *перен.* (*подавленный, удручённый*) сабыры суз, көңүлү чөгөт; **угнетённое состоя́ние** сабыры суз абал.

**УГОВА́РИВАТЬ** *несов. см.* **уговори́ть.**

**УГОВА́РИВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **уговори́ться; 2.** *страд. к* **угова́ривать.**

**УГОВО́Р** *м.* **1.** *чаще мн.* (*убеждение*) акыл айтып эпке келтирүү, көндүрүү, тил алдыруу; **он не поддаётся никаки́м уговóрам** ал эч кандай эпке келбейт, ал такыр тил албайт; **2.** (*взаимное соглашение*) келишим, сөз байлашуу, шарт коюшуу; ◇ **угово́р доро́же де́нег** *посл.* сөз — акчадан кымбат (*айткан сөзүңөн кайтууга жарабайт; макулдашкан нерсени орундоо керек*).

**УГОВОРИ́ТЬ** *сов. кого* көндүрүү, макул кылуу, тил алдыруу; **он уговори́л свои́х друзе́й пойти́ с ним вме́сте** ал өзүнүн жолдошторун аны менен бирге барууга көндүрдү.

**УГОВОРИ́ТЬСЯ** *сов.* макулдашуу, сөз байлашуу; **мы уговори́лись е́хать вме́сте** биз бирге барууга макулдаштык.

**УГО́ДА** *ж.*: **в уго́ду** *кому-чему-л. бир нерсе менен биреөнүн* көңүлүн алууга тырышып, жасакерденип.

**УГОДИ́ТЬ** *сов.* **1.** *кому-чему, на кого-что* (*удовлетворить*) жагуу (*биреөгө жагыштуу иш кылуу; көңүлүн алуу*); **на всех тру́дно угоди́ть** элдин баарына жагуу кыйын; **2.** *разг.* (*попасть куда-л.*) кокусунан түшүп калуу, дал тийүү, барып тийүү, бир тийүү, дал тийгизүү; **лиса́ угоди́ла**

www.bizdin.kg

**в капка́н** түлкү кокусунан капканга түшүп калды; **он угоди́л лбом в дверь** ал чекеси менен каалгага бир тийди; **угоди́ть ка́мнем в окно́** ташты терезеге дал тийгизүү.

**УГО'ДЛИВОСТЬ** *ж.* көшөкөрдүк, кошаматчылдык.

**УГО'ДЛИВЫЙ,** -ая, -ое көшөкөр, кошаматчы; **уго́дливая улы́бка** кошамат жылмаюу; **уго́дливый челове́к** кошаматчы киши.

**УГО'ДНИЧАТЬ** *несов. разг. уст.* жагынуу, көшөкөрлөнүү, кошамат кылуу.

**УГО'ДНИЧЕСТВО** *ср.* көшөкөрчүлүк, кошаматчылдык.

**УГО'ДНО** 1. *в знач. сказ. кому-чему* керек; каалоо; **что вам уго́дно?** сизге эмне керек?, сиз эмнени каалайсыз?, **не уго́дно ли?** мейлициз чабабы?, каалайсызбы?; **как вам уго́дно** мейлициз; **е́сли вам уго́дно** эгер сиз каалаcаңыз; **ско́лько душе́ уго́дно** каалаганча, тилегенче; 2. (*частица*) болсо да; **како́й уго́дно** кандай болсо да; **кто уго́дно** ким болсо да; **что уго́дно** эмне болсо да; **где уго́дно** кайда болсо да; **когда́ уго́дно** качан болсо да; **как уго́дно** кандай болсо да; **куда́ уго́дно** кайда болсо да; **отку́да уго́дно** кайдан болсо да, **ско́лько уго́дно** канча болсо да; толуп жатат.

**УГО'ДНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*нужный*) керектүү; 2. *уст.* (*угодивший или угождающий*) жаккан.

**УГО'ДЬЕ** *ср.* угодье, жер (*чарбачылыктын кандайдыр бир тармагына колдонууга жарактуу жер*); **земе́льные уго́дья колхо́за** колхоздун жери; **лесны́е уго́дья** токой угодьеси; **ры́бные уго́дья** балыгы көп жер.

**УГОЖДА'ТЬ** *несов. см.* **угоди́ть** 1.

**УГОЖДЕ'НИЕ** *ср. уст.* жагынуу, көшөкөрлөнүү, кошамат кылуу.

**У'ГОЛ** *м.* 1. бурч, булуң; **на углу́** бурчта; **у́гол до́ма** үйдүн бурчу; **заверну́ть за́ угол** бурчтан бурулуп кетүү; **заби́ться в у́гол** бурчка тыгылып калуу; **из-за угла́** 1) бурчтан; **он вы́шел из-за угла́** ал бурчтан чыга калды; 2) *перен.* аңдып жүрүп, жашырынып жүрүп; 2. *мат., физ.* бурч; **прямо́й у́гол** тик бурч; **тупо́й у́гол** кең бурч; **о́стрый у́гол** тар бурч; **вну́тренний у́гол** ички бурч; **вне́шний у́гол** тышкы бурч; **под угло́м в 60°** 60° бурч менен; **у́гол прице́ла** *воен.* мээлөө бурчу; 3. (*приют, пристанище*) үй, баш маана, баш калкалар жер; **име́ть свой у́гол** өзүнүн үйү болуу; 4. (*часть комнаты*) бөлмөнүн жалга берилүүчү бир бөлүгү; **снима́ть у́гол** бөлмөнүн бир четин жалга алып туруу; ◇ **загна́ть** *кого-л.* **в у́гол** *бирөөнүн* оозун ачырбай салуу, башын көгөртпөй коюу; **ходи́ть из угла́ в у́гол** бурчтан бурчка (аркы-терки) басып жүрүү; **под угло́м зре́ния** белгилүү бир тараптан (жагдай боюнча) карап.

**УГОЛЁК** *м.* чок, көмүр (*кичинекей*).

**УГОЛО'ВНИК** *м. разг.* кылмыштуу, күнөөкөр.

**УГОЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое: **уголо́вный ко́декс** кылмыш кодекси; **уголо́вное пра́во** уголовный укук; **уголо́вное де́ло** кылмыш иши; **уголо́вное преступле́ние** кылмыш, кылмыштуу күнөө.

**УГОЛО'ВЩИНА** *ж. разг.* кылмыштуу иш, жазыктуу иш, уголовщина.

**УГОЛО'К** *м.* 1. *уменьш. от* **у́гол** 1 бурч, кичинекей бурч; 2. жер, баш калкалар жер; **во всех уголка́х страны́** өлкөнүн бардык жерлеринде; **краси́вый уголо́к** кооз жер, сулуу жер; ◇ **кра́сный уголо́к** кызыл бурч.

**У'ГОЛЬ** *м.* көмүр; **ка́менный у́голь** таш көмүр; **древе́сный у́голь** жыгач көмүрү; **бу́рый у́голь** күрөң көмүр; **пыла́ющие у́гли** жалындоочу көмүрлөр, чок; ◇ **бе́лый у́голь** ак көмүр (*суунун кыймылдаткыч күчү*); **голубо́й у́голь** көк көмүр (*шамалдын кыймылдаткыч күчү*); **как на угля́х** чоктун үстүндө отургандай (*абдан тынчсызданып отуруу*).

**УГО'ЛЬНИК** *м.* (*чертёжный*) угольник, бурчтук (*үч бурчтуу сызгыч*).

**У'ГОЛЬНЫЙ,** -ая, -ое: **у́гольная ша́хта** таш көмүр шахтасы; **у́гольная промы́шленность** таш көмүр өнөр жайы.

**УГО'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *разг. см.* **углово́й** 1.

**У'ГОЛЬЩИК** *м.* 1. (*шахтёр*) көмүр өндүрүүчү; 2. (*торговец углем*) көмүр сатуучу.

**УГОМОНИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* тынчытуу, басылтуу, жымжырт кылуу, жоошутуу; **угомони́ть дете́й** балдарды тынчытуу.

**УГОМОНИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* тынчуу, басылуу, жымжырт болуу, жоошуу, соороnуу; **все наконе́ц угомони́лись** акыры, бардыгы тынчып калышты.

**УГО'Н** *м.* тийип кетүү, уурдап кууп кетүү (*малды*).

**УГОНЯ'ТЬ** *несов. см.* **угна́ть.**

**УГОНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **угна́ться;** 2. *страд. к* **угоня́ть.**

**УГОРА'ЗДИТЬ** *сов. разг.*: **и угора́здило же его́ уе́хать!** кетип калганын көрсөң!; **как тебя́ угора́здило упа́сть?** ботом, эмне болуп жыгылып кетип жүрөсүң?

**УГОРА'ТЬ** *несов. см.* **угоре́ть.**

**УГОРЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое ис тийген; ◇ **как угоре́лый** *разг.* жоо кууп келе жаткандай.

**УГОРЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*отравиться угаром*) ис тийүү; 2. *тех.* (*уменьшиться при плавке, горении*) күйүүдөн (эрүүдөн) азаюу; ◇ **что ты, угоре́л?** *разг.* сен эмне, акылдан жаздыңбы?

**У'ГОРЬ** I *м. зоол.* угорь (*жылан кебетелүү балыктын бир түрү*).

**У'ГОРЬ** II *м.* (*прыщик*) ысык (*бетке чыгуучу*).

**УГОСТИ'ТЬ** *сов. кого* конок кылуу, сыйлоо.

**УГОСТИ'ТЬСЯ** *сов. чем, разг.* жеп-ичип алуу; **угости́ться моро́женым** мороженое жеп алуу.

**УГОЩА'ТЬ** *несов. см.* **угости́ть.**

**УГОЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **угости́ться;** 2. *страд. к* **угоща́ть.**

**УГОЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. конок кылуу, сыйлоо; **угоще́ние госте́й** коноктору сыйлоо; 2. (*кушанья*) тамак-аш (*конокко берилүүчү*); **оби́льное угоще́ние** мол тамак-аш.

**УГРЕВА'ТЫЙ,** -ая, -ое ысыктуу, ысык баскан; **угрева́тое лицо́** ысык баскан бет.

**УГРО'БИТЬ** *сов. кого-что, прост.* бүлдүрүү, курутуу, өлтүрүү, адамдыктан чыгаруу.

**УГРОЖА'ТЬ** *несов. кому-чему* коркутуу, зекүү; **угрожа́ть наказа́нием** жазалоо менен коркутуу; **ему́ угрожа́ет опа́сность** ага коркунуч туулуп турат.

**УГРОЖА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **угрожа́ть;** 2. *прил.* коркутуучу, коркунучтуу; **угрожа́ющее положе́ние** коркунучтуу абал.

**УГРО'ЗА** *ж.* 1. опуза, бопозо; **не боя́ться угро́з** опузадан коркпоо; 2. (*опасность*) коркунуч; **угро́за войны́** согуш коркунучу; **быть под угро́зой** коркунуч астында болуу.

**УГРО'ЗЫСК** *м.* (уголо́вный ро́зыск) угрозыск (кылмыштууларды издөө).

**У'ГРО-ФИ'НСКИЙ,** -ая, -ое угро-финдик (*тили боюнча бири-бирине жакын турган элдердин тобу, ал топко мисалы карелдер, эстондор, венгрлер, финндер ж. б. кирет*).

**УГРЫЗЕ'НИЕ** *ср.*: **угрызе́ния со́вести** уялып өкүнүү, уялып сарсанаа болуу.

**УГРЮ'МО** *нареч.* томсоруп, сурданып, кабагын салып.

**УГРЮ'МОСТЬ** *ж.* томсоргондук, түнттүк, кабагы салыңкылык; **угрю́мость хара́ктера** мүнөздүн түнттүгү.

**УГРЮ'МЫЙ,** -ая, -ое 1. (*о человеке*) томсоргон, түнт, **угрю́мый стари́к** түнт абышка; 2. *перен.* (*мрачный*) түнөргөн; **угрю́мый лес** түнөргөн токой.

**угря́** I, II *род. п. от* **у́горь** I, II.

**УДА'В** *м.* удав (*тропик өлкөлөрүндө жашоочу жылан*).

**УДАВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **уда́ться.**

**УДАВИ'ТЬ** *сов. кого* муунтуу, муунтуп өлтүрүү, тамактоо.

www.bizdin.kg

**УДАВИ'ТЬСЯ** *сов.* муунуп өлүү, асынып өлүү.

**УДА'ВЛЕННИК** *м. разг.* муунуп өлгөн киши, асынып өлгөн киши.

**УДАЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*отдаление*) алыстоо, алыстатуу, четтөө, четтетүү, обочолоо, обочолотуу, ыраактоо, ыраактатуу; **удалéние от гóрода** шаардан алыстоо (алыстатуу); 2. чыгаруу, кууп чыгуу, кууп жиберүү, обочолотуу, кетирүү; **удалéние из кóмнаты** бөлмөдөн чыгаруу; 3. (*уничтожение, выведение*) жоготуу; **удалéние пятен** тактыы жоготуу; 4. суруу, алуу; **удалéние зубóв** тиш суруу.

**УДАЛЁННОСТЬ** *ж.* четтетилгендик, алыстык, ыраактык, обочолук.

**УДАЛЕ'Ц** *м.* жигердүү, азамат.

**УДАЛИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*отдалить*) четтетүү, алыстатуу, обочолотуу, ыраактатуу; **удалúть предмéт от глаз** нерсени көздөн алыстатуу; 2. *кого* (*заставить уйти*) чыгаруу, кууп чыгуу, кууп жиберүү, обочолотуу, кетирүү; 3. *что* (*уничтожить*) суруу, алуу, жоготуу; **удалúть пятнó с одéжды** кийимден тактыы кетирүү; 4. *что* (*вырвать, выкупть*) суруу, алуу; **удалúть зуб** тиш суруу.

**УДАЛИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*отдалиться*) алыстоо, четтөө, обочолоо, ыраактоо; **удалúться от дóма** үйдөн алыстоо; **он удалúлся от тéмы** *перен.* ал темадан четтеп кетти; 2. (*уединиться*) четтөө, качыктоо, кетип калуу; **удалúться от людéй** элден четтөө; **удалúться к себé в кóмнату** өз бөлмөсүнө кетип калуу (кирип кетүү).

**УДАЛО'Й,** -áя, -óе жигердүү, азамат.

**УДА'ЛЫЙ,** -ая, -ое *см.* **удалóй.**

**У'ДАЛЬ** *ж.* азаматтык, кайрат, угут.

**УДАЛЬСТВО'** *ср. см.* **ýдаль.**

**УДАЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **удалúть.**

**УДАЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удалúться;** 2. *страд. к* **удалять.**

**УДА'Р** *м.* 1. уруу, урунуу, сокку, согуу, согулуу, чабуу, тийүү; **увéсистый удáр** катуу сокку; **удáр кулакóм** муштум менен уруу; **нанестú удáр** 1) уруу, уруп жиберүү, сокку уруу, сокку берүү, чаап жиберүү; 2) *перен.* зыянга учуратуу; **сáбельный удáр** кылыч менен чабуу; **под удáром** 1) соккунун астында; 2) *перен.* оор, кыйын, коркунучтуу абалда; 2. (*толчок*) уруу, согуу; **удáры пýльса** тамырдын согуусу; 3. (*звук*) добуш (*бир нерсенин согулган үнү*); **удáр грóма** күндүн күркүрөгөн добушу; 4. *мед.* (*кровоизлияние в мозг*) мээге кан куюлуп, шал болуу; **с ним случúлся удáр** анын мээсине кан куюлду; 5. *воен.* сокку, чабуул; **сокрушúтельный удáр** кыйратып сокку; **фронтáльный удáр** фронт боюнча сокку берүү; 6. *спорт.* уруу, согуу; **штрафнóй удáр** штраф уруу; **тóчный удáр** таамай уруу; ◇ **он сегóдня в удáре** *разг.* ал бүгүн табына келип турат.

**УДАРЕ'НИЕ** *ср.* 1. *лингв.* басым; **логúческое ударéние** логикалык басым; **ударéние пáдает на послéдний слог** басым эң акыркы муунга түшөт; 2. (*знак*) басым белгиси; **постáвить ударéние на «е»** «е»нин үстүнө басым белгисин коюу (*мис.* отéц); 3. *перен.* (*усиление*) күчөтүү, такыктоо, көңүл буруу; **доклáдчик сдéлал ударéние на э́том вопрóсе** докладчы ушул маселеге көбүрөөк көңүл бурду.

**УДА'РИТЬ** *сов.* 1. *кого-что* уруу, согуу, чабуу; **удáрить пáлкой** таяк менен уруу; 2. *по чему, во что* тийүү, коюу; **удáрить пó столу** столду бир коюу; **мóлния удáрила в дéрево** чагылганды огу жыгачка тийди; 3. *что, во что* (*ударами известить о чём-л.*) уруу, согуу; **удáрить тревóгу** тревога уруу; **удáрить в барабáн** барабан уруу; 4. *на кого-что, по кому-чему* (*напасть, обрушиться*) сокку уруу, сокку берүү; **дрýжно удáрить по врагý** душманга биригип ат коюу, биригип качырып кирүү; **удáрить по лентяям** жалкоолорго сокку уруу; 5. *разг.* (*наступить*) баштоо, түшүү; **удáрили морóзы** суук түштү; ◇ **удáрить в штыкú** баары тең бирден жүгүрүп барып штык менен саюу; **винó удáрило в гóлову** вино башка чыкты; **от испýга в гóлову удáрило** корккондон эмне экенин билбей калды; **удáрить по кармáну** *разг.* зыянга учуратуу, акча көп кетүү; **не удáрить в грязь лицóм** *разг.* уят болбоо, уятка калбоо; уят кылбоо, уятка калтырбоо.

**УДА'РИТЬСЯ** *сов.* 1. урунуу, согулуу, тийүү; **он удáрился головóй** ал башы менен бир тийди; **пýля удáрилась в стéну** ок стенага тийди; 2. *перен. разг.* (*начать стремительно делать; впасть в какое-л. состояние*) кетүү, жиберүү; **удáриться бежáть** чуркап жөнөө; **удáриться в слёзы** ыйлап жиберүү; **удáриться в крáйность** чектен чыгып кетүү, чектен чыгуу.

**УДА'РНИК** *м.* 1. (*передовой работник*) ударник, эпкиндүү; 2. *воен.* соккуч, ургуч, ударник (*патрондун капсюлун жаруучу мылтыктын же башка аткыч куралдын затворунун бир бөлүгү*); 3. *муз. разг.* урма, какма инструментте ойногон музыкант.

**УДА'РНИЦА** *женск. р. к* **удáрник** 1.

**УДА'РНИЧЕСТВО** *ср.* ударничество, ударниктик, эпкиндүүлүк.

**УДА'РНО** *нареч.* ударникче, ударниктүүлүк менен, эпкиндүү, эпкиндүүлүк менен; **удáрно рабóтать** ударникче иштөө, эпкиндүүлүк менен иштөө.

**УДА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*передовой по работе*) эпкиндүү; **удáрная бригáда** эпкиндүү бригада; 2. (*срочный, важный*) тез орундала турган, маанилүү; **удáрное задáние** тез орундала турган тапшырма; 3. *воен.* сокку уруучу; **удáрная войсковáя грýппа** сокку уруучу войсколук топ; 4. *муз.* урма, какма; **удáрные музыкáльные инструмéнты** урма музыкалык инструменттер (*мис. барабан*).

**УДАРЯ'ТЬ** *несов. см.* **удáрить.**

**УДАРЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **удáриться.**

**УДА'ТЬСЯ** *сов.* оңунан чыгуу, туура келүү, көңүлдөгүдөй болуу; **óпыт вполнé удáлся** тажрыйба толук оңунан чыкты.

**УДА'ЧА** *ж.* жол болуу, ийгилик; **пожелáть удáчи** ийгиликтүү болууга тилектеш болуу; **большáя удáча** чоң ийгилик.

**УДА'ЧЛИВОСТЬ** *ж. разг.* жолу ачыктык, жол болуучулук, ийгиликтүүлүк, ак жолтойлук.

**УДА'ЧЛИВЫЙ,** -ая, -ое *разг.* жолу ачык, жолдуу, ак жолдуу, ийгиликтүү, ак жолтой.

**УДА'ЧНИК** *м. разг.* жолу ачык, ак жолтой.

**УДА'ЧНО** *нареч.* 1. (*успешно*) ийгиликтүү; **удáчно закóнчить рабóту** ишти ийгиликтүү бүтүрүү; 2. (*хорошо*) жакшы, көңүлдөгүдөй, ылайыктуу; **удáчно подóбранная цитáта** ылайыктуу келтирилген цитата.

**УДА'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*успешный*) ийгиликтүү, табылгалуу, оңунан чыккан; **удáчная охóта** ийгиликтүү аңчылык; 2. (*хороший*) жакшы, көңүлдөгүдөй; **удáчный перевóд** жакшы котормо.

**УДВА'ИВАТЬ** *несов. см.* **удвóить.**

**УДВА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удвóиться;** 2. *страд. к* **удвáивать.**

**УДВОЕ'НИЕ** *ср.* 1. эки эсе көбөйүү, эки эсе көбөйтүү, эки эсе көбөйтүлүү, эки эсе артуу, эки эсе арттыруу; 2. (*усиление*) эки эсе күчөтүү, эки эсе күчөө; 3. *лингв.* катар айтылуу (*мис. аттар, аккан*).

**УДВО'ЕННЫЙ,** -ая, ое 1. *прич. от* **удвóить;** 2. *прил.* эки эсе көбөйтүлгөн, эки эсе арттырылган; **эки эсе** күчөтүлгөн (*усиленный*); **рабóтать с удвóенной энéргией** эки эсе арттырылган кайрат менен иштөө; 3. *прил. лингв.* катар айтылган.

**УДВО'ИТЬ** *сов. что* эки эсе көбөйтүү, эки эсе арттыруу; эки эсе күчөтүү (*усилить*); **удвóить производúтельность трудá** эмгек өндүрүмдүүлүгүн эки эсе арттыруу.

**УДВО'ИТЬСЯ** *сов.* 1. эки эсе артуу, эки эсе көбөйүү; 2. (*усилиться*) эки эсе күчөө; **сúла вéтра удвóилась** шамалдын күчү эки эсе күчөдү.

www.bizdin.kg

**УДЕ'Л** *м.* 1. *ист.* удел (*Байыркы Русьта — князь башкарган область*); 2. *ист.* удел, энчи (*революцияга чейинки Россияда — падышанын үй-бүлөсүнө тийешелүү коэголбос мүлк, байлык*); 3. *перен.* (*судьба*) тагдыр, жазмыш; **достáться в удéл** *кому-л.* бирөөнүн тагдырына туура келүү.

**УДЕЛИ'ТЬ** *сов. что* буруу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, арноо; **уделúть внимáние** көңүл буруу; **уделúте мне полчасá** мага жарым саат убактыңызды бөлүңүз.

**УДЕ'ЛЬНЫЙ** I, -ая, -ое *физ.* салыштырмалуу; **удéльное сопротивлéние** салыштырмалуу каршылык; **удéльный вес** *прям. и перен.* салыштырма салмак; **удéльный вес ýгольной промы́шленности в нарóдном хозя́йстве** таш көмүр өндүрүшүнүн эл чарбасындагы салыштырма салмагы.

**УДЕ'ЛЬНЫЙ** II, -ая, -ое **удел** I, 2-*ге т.*; уделдүү; **удéльный князь** уделдүү князь; **удéльные зéмли** падышанын үй-бүлөсүнүн менчиктүү жерлери.

**УДЕЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **уделúть.**

**У'ДЕРЖ** *м. разг.*: **без ýдержу** токтоосуз, токтобой; **нет ýдержу** токтотууга болбойт; **не знать ýдержу** желигип токтоно албоо.

**УДЕРЖА'НИЕ** *ср.* 1. кармап калуу; **удержáние налóга** налог кармап калуу; 2. (*сумма*) кармалган акча, кармап калынган сумма; **удержáния состáвили óколо ста рублéй** кармалган акча жүз сомго жакын болду.

**УДЕРЖА'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*не выпустить*) түшүрбөй туруу, кармап туруу; **он éле удержáл в рукáх тяжёлый кáмень** ал оор ташты колунда араң кармап турду; 2. *что* (*сдержать, подавить*) кармоо, токтоо; **он удержáл вóзглас изумлéния** ал таң калганынан кыйкырып жибере жаздап араң токтоду; 3. *кого-что* (*остановить*) кармап токтотуу, токтогуу, тыюу; койдуруу (*напр. от пьянства*); **лошадéй не удéржишь** аттарды кармап токтото албайсың; **удержáть от необдýманного постýпка** ойлонбой иштелген нерседен (иштен) токтотуу; **егó не удéржишь, он всё равнó уйдёт** аны кармай албайсың, ал баары бир кетет; 4. *что* (*вычесть*) кармап калуу; **удержáть авáнс** авансаны кармап калуу; 5. *что* (*сохранить, сберечь — напр. первенство*) кетирбөө, алдырбоо.

**УДЕРЖА'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*устоять*) жыгылбай туруу; **удержáться на ногáх** жыгылбай туруу; 2. (*не отступить*) туруштук берүү (*артка чегинбөө*); 3. (*от чего-л.*) тыйып туруу, тыйылып туруу; **я едвá удержáлся от смéха** мен күлкүмдү араң тыйдым.

**УДЕ'РЖИВАТЬ** *несов. см.* **удержáть.**

**УДЕ'РЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удержáться;** 2. *страд. к* **удéрживать.**

**УДЕСЯТЕРИ'ТЬ** *сов. что* 1. он эсе көбөйтүү, он эсе арттыруу; 2. (*усилить во много раз*) өтө көбөйтүү, абдан көбөйтүү, өтө күчөтүү, абдан күчөтүү.

**УДЕСЯТЕРИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. он эсе көбөйүү, он эсе артуу; 2. (*усилиться во много раз*) өтө көбөйүү, абдан көбөйүү, өтө күчөө, абдан күчөө.

**УДЕСЯТЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **удесятерúть.**

**УДЕСЯТЕРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удесятерúться;** 2. *страд. к* **удесятерúть.**

**УДЕШЕВИ'ТЬ** *сов. что* арзандатуу; **удешевúть капитáльное стройтельство** капиталдык курулушту арзандатуу.

**УДЕШЕВИ'ТЬСЯ** *сов.* арзандоо.

**УДЕШЕВЛЕ'НИЕ** *ср.* арзандатуу; **удешевлéние промтовáров** өнөр жай товарларын арзандатуу.

**УДЕШЕВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **удешевúть.**

**УДЕШЕВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удешевúться;** 2. *страд. к* **удешевлúть.**

**УДИВИ'ТЕЛЬНО** 1. *нареч.* (*поразительно, странно*) укмуштуу, укмуштай; 2. *нареч.* (*очень*) өтө, абдан, таң калардык; **он удивúтельно изменúлся** ал абдан өзгөрүлүп кетиптир; 3. *безл. в знач. сказ. кому-чему* таң калардык; **э́то не удивúтельно** бул таң калардык эмес.

**УДИВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*поразительный, странный*) укмуштуу, таң калардык, айран калардык; **что же тут удивúтельного?** мунун таң калардык эмнеси бар?; 2. (*хороший, превосходный*) сонун, укмуштуу; **у негó удивúтельное здорóвье** анын ден соолугу сонун.

**УДИВИ'ТЬ** *сов. кого-что* таң калтыруу, таңдантуу, айран калтыруу; **меня́ удивúл егó неожи́данный приéзд** анын күтпөгөн жерден келип калышы мени таң калтырды.

**УДИВИ'ТЬСЯ** *сов.* таң калуу, таңдануу, айран калуу; **я удивúлся, увúдев егó в теáтре** мен аны театрдан көрүп таң калдым.

**УДИВЛЕ'НИЕ** *ср.* таң калуу, таңдануу, айран калуу; **разúнуть рот от удивлéния** *разг.* таң калгандан оозун аңкайтып ачып калуу; ◇ **на удивлéние** *разг.* эң сонун, укмуштуу.

**УДИВЛЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **удивúть;** 2. *прил.* таң калган, таңданган, айран калган.

**УДИВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **удивúть.**

**УДИВЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **удивúться.**

**УДИЛА'** *мн.* (*ед.* **удúло** *ср.*) ооздук; **закусúть удилá** 1) (*о лошади*) ооздукту тиштөө; 2) *перен.* ээ бербей кетүү.

**УДИ'ЛИЩЕ** *ср.* кайырмак жыгачы.

**УДИ'ЛЬЩИК** *м.* кайырмакчы, кайырмак салуучу.

**УДИРА'ТЬ** *несов. см.* **удрáть.**

**УДИ'ТЬ** *несов. что* кайырмак салуу, кайырмак менен балык уулоо, кайырмак салып балык уулоо, кайырмак салып балык кармоо.

**УДЛИНЕ'НИЕ** *ср.* узартуу; **удлинéние срóков** мөөнөтүн узартуу.

**УДЛИНЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **удлинúть;** 2. *прил.* узун, сүйрү; чап жаак (*о лице*).

**УДЛИНИ'ТЬ** *сов. что* узартуу; **удлинúть рукавá** жеңди узартуу.

**УДЛИНИ'ТЬСЯ** *сов.* узаруу; **дни удлинúлись** күн узарды.

**УДЛИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **удлинúть.**

**УДЛИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удлинúться;** 2. *страд. к* **удлинúть.**

**УДМУ'РТ** *м.* удмурт.

**УДМУ'РТКА** *женск. р. к* **удмýрт;** удмуртка.

**УДМУ'РТСКИЙ,** -ая, -ое **удмурт**-*ка т.*; **удмýртский язы́к** удмурт тили.

**УДМУ'РТЫ** *мн.* удмурттар (*эл*).

**УДО'БНО** 1. *нареч.* ыңгайлуу, тынч, жайлуу, эптүү; **удóбно усéсться в крéсле** креслого ыңгайлуу отуруп алуу; 2. *безл. в знач. сказ.* тынч, жайлуу; **мне и здесь удóбно** мага бул жерде да тынч; 3. *в знач. сказ.* (*подходит*) ыңгайлуу; **мне удóбно поéхать в óтпуск в áвгусте** мага отпускага август айында кетүү ыңгайлуу; 4. *в знач. сказ.* (*прилично*) ылайык, туура, орундуу; **удóбно ли прийтú так пóздно?** ушунча кеч келүү ылайыктуубу?; **удóбно ли э́то сказáть?** муну айтуу туура келер бекен?

**УДО'БНЫЙ,** -ая, -ое 1. ыңгайлуу, жайлуу, ылайыктуу; **удóбное мéсто** жайлуу жер, ылайыктуу орун; 2. (*благоприятный, уместный*) ыңгайлуу, ылайыктуу; **удóбный момéнт** ыңгайлуу кырдаал; **при пéрвом удóбном слýчае** ыгы келип калса эле; **вы́брать удóбное врéмя** ылайыктуу убакыт тандап алуу.

**УДОБО-** *татаал сөздүн «жакшы», «жайлуу» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.* **удобоварúмый** жеңил (оңой) сиңүүчү.

**УДОБОВАРИ'МОСТЬ** *ж.* жеңил (оңой) сиңүүчүлүк.

**УДОБОВАРИ'МЫЙ,** -ая, -ое жеңил (оңой) сиңүүчү; **удобоварúмая пúща** жеңил (оңой) сиңүүчү тамак.

**УДОБОИСПОЛНИ'МЫЙ,** -ая, -ое жеңил (оңой) аткарылуучу, орундалуучу.

**УДОБОПОНЯ'ТНЫЙ,** -ая, -ое жеңил (оңой) түшүнүлүүчү.

www.bizdin.kg

**УДОБОПРОИЗНОСИ'МЫЙ**, -ая, -ое жеңил (оңой) айтылуучу.

**УДОБОЧИТА'ЕМЫЙ**, -ая, -ое жеңил (оңой) окулуучу.

**УДОБРЕ'НИЕ** *ср.* 1. семиртүү; **удобрéние пóчвы** жер семиртүү; 2. (*вещество*) семирткич, жер семирткич; **органи́ческие удобрéния** органикалык жер семирткичтер; **минерáльные удобрéния** минералдык жер семирткичтер; **хими́ческие удобрéния** химиялык жер семирткичтер.

**УДОБРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **удобрение**-*ге т.*

**УДО'БРИТЬ** *сов. что* семиртүү; **удóбрить пóчву навóзом** жерди кык менен семиртүү.

**УДОБРЯ'ТЬ** *несов. см.* **удóбрить.**

**УДО'БСТВО** *ср.* ыңгайлуулук, жайлуулук; **удóбство воздýшных сообщéний** аба катнашынын ыңгайлуулугу.

**УДОВЛЕТВОРЕ'НИЕ** *ср.* 1. канааттандыруу, ыраазы кылуу, алымсындыруу, кандыруу; **удовлетворéние растýщих потрéбностей** өсүп бара жаткан таламдарды канааттандыруу; 2. (*чувство*) канааттануу, ыраазы болгондук, алымсынуу; **с больши́м удовлетворéнием** зор канааттануу менен; **испы́тывать глубóкое удовлетворéние** терең ыраазы болгондукту сезүү; ◇ **трéбовать удовлетворéния** *уст* дуэлгэ чакыруу.

**УДОВЛЕТВОРЕ'ННОСТЬ** *ж.* канааттангандык, ыраазы болгондук, алымсынгандык.

**УДОВЛЕТВОРЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **удовлетвори́ть**; 2. *прил.* канааттандырылган, ыраазы кылынган алымсындырылган; канааттанган, ыраазы болгон, алымсынган.

**УДОВЛЕТВОРИ'ТЕЛЬНО** 1. *нареч.* канааттанардык; **задáние вы́полнено удовлетвори́тельно** тапшырма канааттанардык аткарылган; 2. *в знач. сущ. ср. нескл.* (*отметка*) канааттандырардык; **получи́ть удовлетвори́тельно по фи́зике** физикадан канааттандырардык баа алуу.

**УДОВЛЕТВОРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* канааттандыруучулук, алымсындыруучулук.

**УДОВЛЕТВОРИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое канааттанардык, канааттандырардык; **удовлетвори́тельный отвéт** канааттандырардык жооп.

**УДОВЛЕТВОРИ'ТЬ** *сов. кого-что* канааттандыруу, ыраазы кылуу, алымсындыруу, кандыруу; **удовлетвори́ть потрéбности населéния** элдин керектөөлөрүн канааттандыруу; **удовлетвори́ть запрóсы читáтелей** окуучулардын таламдарын канааттандыруу (алымсындыруу); **удовлетвори́ть прóсьбу** өтүнүчтү канааттандыруу (орундоо).

**УДОВЛЕТВОРИ'ТЬСЯ** *сов. чем* канааттануу, ыраазы болуу, алымсынуу; **удовлетвори́ться отвéтом** жоопко канааттануу.

**УДОВЛЕТВОРЯ'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **удовлетвори́ть**; 2. *чему* (*соответствовать, отвечать*) туура келүү; **удовлетворя́ть предъявля́емым трéбованиям** коюлган талаптарга туура келүү.

**УДОВЛЕТВОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удовлетвори́ться**; 2. *страд. к* **удовлетворя́ть.**

**УДОВО'ЛЬСТВИЕ** *ср.* 1. (*чувство радости*) жыргал, ыракат, үзүр; **испы́тывать удовóльствие** ыракаттануу; 2. (*развлечение*) жыргал, ыракаттануу, үзүр көрүү; **мáсса удовóльствий** көп жыргал.

**УДОВО'ЛЬСТВОВАТЬСЯ** *сов. чем* канааттануу, алымсынуу.

**УДО'Д** *м.* үпүп, сасык үпүп.

**УДО'Й** *м.* 1. (*количество молока*) саан; **повы́сить сýточный удóй корóв** уйлардын суткалык саанын көбөйтүү; 2. (*доение*) сааш, саан; **ýтренний удóй** эртең мененки саан.

**УДО'ЙЛИВОСТЬ** *ж.* сүттүүлүк; **высóкая удóйливость** жогорку сүттүүлүк.

**УДО'ЙЛИВЫЙ**, -ая, -ое сүттүү; **удóйливая корóва** сүттүү уй.

**УДО'ЙНОСТЬ** *ж.* саан, сүттүүлүк; **рост удóйности** саандын (сүттүүлүктүн) өсүшү.

**УДО'ЙНЫЙ**, -ая, -ое 1. **удой**-*го т.*; **удóйный периóд** саан мезгили; 2. *см.* **удóйливый.**

**УДОРОЖА'НИЕ** *ср.* кымбаттоо, баа көтөрүлүү.

**УДОРОЖА'ТЬ** *несов. см.* **удорожи́ть.**

**УДОРОЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удорожи́ться**; 2. *страд. к* **удорожáть.**

**УДОРОЖИ'ТЬ** *сов. что* кымбаттатуу, бааны көтөрүп жиберүү.

**УДОРОЖИ'ТЬСЯ** *сов.* кымбаттоо, баасы көтөрүлүү.

**УДОСТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **удостóить.**

**УДОСТА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удостóиться**; 2. *страд. к* **удостáивать.**

**УДОСТОВЕРЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) күбөлөндүрүү, ырастоо; **удостоверéние пóдписи** коюлган колду күбөлөндүрүү; 2. (*документ*) күбөлүк кат, күбөлүк, удостоверение; **удостоверéние ли́чности** личность күбөлүк каты.

**УДОСТОВЕ'РИТЬ** *сов. что* күбөлөндүрүү, ырастоо; **удостовéрить пóдпись** коюлган колду күбөлөндүрүү.

**УДОСТОВЕ'РИТЬСЯ** *сов. в чём* көзү жетүү.

**УДОСТОВЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **удостовéрить.**

**УДОСТОВЕРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **удостовéриться**; 2. *страд. к* **удостоверя́ть.**

**УДОСТО'ИТЬ** *сов. кого-что* 1. *чего* (*наградить*) берүүгө ылайык табуу, берүүгө ылайык көрүү, ылайык таап сыйлоо (берүү); **удостóить учёной стéпени дóктора** ылайык таап доктордук илимий даражаны берүү; **удостóить нагрáды** ылайык таап сыйлык берүү; 2. *чем* (*оказать внимание*) көңүл буруу; **удостóить лáсковым слóвом** жакшы сөз айтып көңүл буруу.

**УДОСТО'ИТЬСЯ** *сов. чего* (*заслужить*) ылайык табылуу, ылайык көрүлүү, сыйлануу; **удостóиться прави́тельственной нагрáды** өкмөттүк сыйлык алуу, өкмөт тарабынан сыйлануу.

**УДОСУ'ЖИВАТЬСЯ** *несов. см.* **удосýжиться.**

**УДОСУ'ЖИТЬСЯ** *сов.* бош убак табуу, кол тийүү.

**УДОЧЕРЕ'НИЕ** *ср.* кыз кылып асырап алуу.

**УДОЧЕРИ'ТЬ** *сов. кого* кыз кылып асырап алуу.

**УДОЧЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **удочери́ть.**

**У'ДОЧКА** *ж.* кайырмак; ◇ **заки́нуть ýдочку** 1) кайырмак салуу; 2) *перен.* жибин тартып көрүү; **поймáть на ýдочку** *разг.* колго түшүрүү; **попáсться на ýдочку** *разг.* кайырмакка түшүү, алдатуу.

**УДРА'ТЬ** *сов. разг.* качып кетүү.

**УДРУЖА'ТЬ** *несов. см.* **удружи́ть.**

**УДРУЖИ'ТЬ** *сов. кому-чему, разг.* 1. достук кылуу; 2. *перен. ирон.* зыян келтирүү, зыянга учуратуу.

**УДРУЧА'ТЬ** *несов. см.* **удручи́ть.**

**УДРУЧА'ЮЩЕ** *нареч.* капалантып, капа кылып.

**УДРУЧЁННО** *нареч.* капаланып, кайгыга батып.

**УДРУЧЁННОСТЬ** *ж.* капалык, түйшүк.

**УДРУЧЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **удручи́ть**; 2. *прил.* капалуу, түйшүктүү; **удручённый взгляд** капалуу көз караш.

**УДРУЧИ'ТЬ** *сов. кого* капалантуу, капа кылуу, түйшүк тарттыруу; **э́то извéстие егó крáйне удручи́ло** бул кабар аны абдан капа кылды.

**УДУШЕ'НИЕ** *ср.* тумчуктуруу, тумчуктуруп өлтүрүү, муунтуу, муундуруу, дем кыстыктыруу.

**УДУШИ'ТЬ** *сов. кого* тумчуктуруу, тумчуктуруп өлтүрүү, муунтуу, муунтуп өлтүрүү, дем кыстыктыруу.

**УДУ'ШЛИВОСТЬ** *ж.* тумчуктургучтук, дем кыстыктыргычтык.

**УДУ'ШЛИВЫЙ**, -ая, -ое 1. (*душный*) тумчуктургуч, дем кыстыктыргыч; **удýшливый зáпах** дем кыстыктыргыч жыт; 2. (*отравляющий дыхательные пути*) уу, уукτуруучу, ууктургуч, тумчуктургуч; **удýшливые гáзы** тумчуктургуч газдар.

**УДУ'ШЬЕ** *ср. мед.* 1. дем кыстыгуу; 2. (*высокогорная болезнь*) түтөк.

www.bizdin.kg

**УЕДИНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*одиночество*) обочолонуу, өзүнчө обочо жашоо; **он любит уединение** ал өзүнчө обочо жашоону сүйөт; **2.** (*отдалённое место*) обочо жай; **он жил в уединении** ал обочо жайда жашаган.

**УЕДИНЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **уединить; 2.** *прил.* (*одинокий*) обочо, өзүнчө айрым; түнт; **она вела уединённую жизнь** ал түнт турмушта жашаган; 3. *прил.* (*отдалённый от людей*) элден обочо турган; **уединённое место** элден обочо турган жай.

**УЕДИНИ'ТЬ** *сов. кого-что* обочолотуу, өзүнчө айрым коюу (*бөлүү*).

**УЕДИНИ'ТЬСЯ** *сов.* обочолонуу, обочо (түнт) жашоо.

**УЕДИНЯ'ТЬ** *несов. см.* **уединить.**

**УЕДИНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **уединиться; 2.** *страд. к* **уединять.**

**УЕ'ЗД** *м. уст.* уезд, үйөз (**1.** *Байыркы Руста — шаар менен байланыштуу бир топ округ, бир топ волость;* **2.** *падышалык Россияда жана СССРде райондоштурулганга чейин — административдик-территориялык единица*).

**УЕ'ЗДНЫЙ,** -ая, -ое уезд-*ее т.*; уезддик; **уездный город** уезддик шаар; **уездный начальник** *разг.* уезд (үйөз) начальниги.

**УЕЗЖА'ТЬ** *несов. см.* **уехать.**

**УЕ'ХАТЬ** *сов.* кетүү, жөнөп кетүү; **уехать в Пржевальск** Пржевальскиге кетүү; **он уедет на месяц из Москвы** ал Москвадан бир айга кетет.

**УЖ** I *м.* сары жылан (*уусуз, чакпай турган жылан*); ◇ **извиваться ужом** амал-айла менен ичи-койнуна кирип кошаматтык кылуу.

**УЖ** II **1.** *нареч. см.* **уже; он уж пришёл** ал келип калды; **2.** *частица усил.* да, деле, деги эле; **не так уж плохо** анчалык деле жаман эмес; **очень уж много дела** иш деги эле көп; **уж я вас ждал, ждал** мен деги силерди аябай күттүм, күтө-күтө чарчадым; ◇ **вот уж нет!** *разг.* бул болбойт!; бул таптакыр туура эмес!; **вот уж неправда!** *разг.* бул барып турган калп!; бул деги эле туура эмес!

**УЖА'ЛЕННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **ужалить;** ◇ **как ужаленный** чок баскандай, ийне менен сайгандай.

**УЖА'ЛИТЬ** *сов. кого-что* чагуу (*мис. чаян*).

**У'ЖАС** *м.* **1.** (*чувство сильного страха*) коркунуч, абдан коркуу, кут учуу, үрөйү учуу; **его охватил ужас** аны коркунуч басты; **привести в ужас** кутун учуруу; **2.** (*ужасное положение*) оор абал, абдан жаман; өтө оор, эң эле жаман кыйынчылык; аябаган жаман; **испытать ужасы нищеты и голода** жакырчылыктын жана ачкачылыктын өтө оор кыйынчылыктарын баштан өткөрүү; **ужасы войны** согуштун укмуштары (*кыйроолор, өлүм-житим ж. б.*); **3.** *в знач. нареч. разг.* өтө, аябаган; **ужас как далеко** өтө алыс; **ужас как жарко** аябаган ысык; ◇ **до ужаса** өтө, эң эле, аябаган, укмуштай; **к ужасу** балекет басып.

**УЖАСА'ТЬ** *несов. см.* **ужаснуть.**

**УЖАСА'ТЬСЯ** *несов. см.* **ужаснуться.**

**УЖАСА'ЮЩЕ** *нареч.* өтө эле, эң эле, аябай.

**УЖАСА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **ужасать; 2.** *прил.* (*вызывающий ужас*) коркунучтуу, кут учуруучу, үрөй учуруучу; **ужасающее зрелище** коркунучтуу көрүнүш; **3.** *прил. разг.* (*отвратительный*) өтө жаман, эң жаман, абдан жаман; **ужасающая погода** өтө жаман аба ырайы.

**УЖА'СНО** **1.** *нареч. разг.* (*очень, крайне*) өтө, эң эле, аябай; **я ужасно рад вас видеть** мен сизди көрүүгө аябай кубанычтуумун; **2.** *нареч. разг.* (*скверно*) өтө жаман, абдан жаман; **он ужасно выглядит** анын түрү өтө жаман; **3.** *безл. в знач. сказ.* коркунучтуу, коркорлук, кут учурарлык, үрөй учурарлык, **это ужасно!** бул коркунучтуу!

**УЖАСНУ'ТЬ** *сов. кого-что* аябай коркутуу, кут учуруу, үрөй учуруу; **его ужаснула мысль об отъезде** кетүү жөнүндөгү ой анын үрөйүн учурду.

**УЖАСНУ'ТЬСЯ** *сов.* аябай коркуу, кут учуу, үрөй учуу.

**УЖА'СНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*страшный*) өтө коркунучтуу, коркунуч туудуруучу, кут учуруучу, үрөй учуруучу; **ужасный сон** өтө коркунучтуу түш; **2.** *разг.* (*отвратительный*) өтө жаман, эң эле жаман, абдан жаман; **ужасная погода** өтө жаман аба ырайы; **3.** *разг.* (*чрезвычайно сильный*) өтө, абдан, эң эле, аябаган; **ужасная боль** аябаган оору.

**У'ЖЕ** *сравн. ст. от прил.* **узкий** *и нареч.* **узко** тарыраак.

**УЖЕ'** *нареч.*: **уже скоро полдень** түшкө жакындап калды; **он уже не маленький** ал эми кичине эмес; **его уже нет в живых** ал дүйнөдөн кайтты.

**УЖЕ'ЛИ** *нареч. уст.* чын элеби?, кантип эле?

**УЖЕ'ЛЬ** *нареч. см.* **ужели.**

**УЖЕ'НИЕ** *ср.* кайырмак салуу, кайырмак менен балык уулоо, кайырмак салып балык уулоо, кайырмак салып балык кармоо.

**УЖИВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **ужиться.**

**УЖИ'ВЧИВОСТЬ** *ж.* ынтымактуулук, башкалар менен ынтымакта тура билгендик.

**УЖИ'ВЧИВЫЙ,** -ая, -ое башкалар менен ынтымакта тура билген; **у него уживчивый характер** анын башкалар менен ынтымакта тура ала турган мүнөзү бар; **уживчивый человек** башкалар менен ынтымакта тура билген адам.

**УЖИ'МКА** *ж. чаще мн.* кылык, кылыктануу.

**У'ЖИН** *м.* кечки тамак, ужин; **сидеть за ужином** кечинде тамактанып отуруу.

**У'ЖИНАТЬ** *несов.* ужин кылуу, кечки тамакты жеш, кечинде тамактануу.

**УЖИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* ынтымакташуу, батышуу, сыйышуу, келишүү.

**УЖО'** *межд.* сээниби, көрсөтөм; ◇ **ужо я тебя!** сага көрсөтөм!

**уж у́, у́дишь** *и т. д. наст. вр. от* **удить.**

**УЗАКОНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** закондоштуруу, закондуу кылуу, закон кылып киргизүү, законго ылайык кылуу, закон күчүн берүү; **2.** *офиц.* (*постановление*) закон күчүнө ээ болгон токтом; **сборник узаконений** закон күчүнө ээ болгон токтомдор жыйнагы.

**УЗАКО'НИВАТЬ** *несов. см.* **узаконить.**

**УЗАКО'НИТЬ** *сов. что* закондоштуруу, закондуу кылуу, закон кылып киргизүү, законго ылайык кылуу, закон күчүн берүү.

**УЗБЕ'К** *м.* өзбек.

**УЗБЕ'КИ** *мн.* өзбектер.

**УЗБЕ'КСКИЙ,** -ая, -ое узбек-*ке т.*; **узбекский язык** өзбек тили.

**УЗБЕ'ЧКА** *женск. р. к* **узбек;** өзбечка.

**УЗДА'** *ж.* жүгөн; ◇ **держать в узде** оздуктап туруу (*багынууга аргасыз кылуу; бир нерсе кылуудан токтотуп туруу*); **наложить узду** багындыруу, жүгөн салуу.

**УЗДЕ'ЧКА** *ж.* жүгөн.

**УЗДЦЫ'**: **держать лошадь под уздцы** аттын эки тизгинин кошуп чукул кармоо.

**У'ЗЕЛ** I *м.* **1.** (*на верёвке и т. п.*) түйүн; **завязать узлом** түйүн кылып байлоо; **мёртвый узел** күрмөп байлоо; 2. (*свёрток*) түйүнчөк, таңгак; **связать вещи в узел** буюмдарды таңгак кылып байлоо; **3.** *перен.* (*место скрещения*) тоом, түйүн; **железнодорожный узел** темир жол тоому; **нервный узел** *анат.* нервдер түйүнү; **4.** *перен.* (*пункт, центр*) түйүн; **почтово-телеграфный узел** почта-телеграф түйүнү; **узел обороны** *воен.* коргонуу түйүнү; **узел связи** байланыш түйүнү; 5. *бот.* муун (*өсүмдүк муунү*); ◇ **разрубить гордиев узел** кыйын маселени күч менен кескин түрдө чечүү.

**У'ЗЕЛ** II *м. мор.* узел (*кеменин жүрүш тездигинин өлчөмү*).

**УЗЕЛО'К** *м. уменьш. от* **узел** I 1, 2 кичине түйүн, түйүнчөк; ◇ **завязать узелок** (*на память*) *разг.* түйүп түйүү (*унутпоо үчүн*).

www.bizdin.kg

**У'ЗКИЙ,** -ая, -ое **1.** (*неширокий*) тар, кууш, энсиз; **у́зкая у́лица** тар көчө; **у́зкая доска́** энсиз тактай; **2.** *кратк. ф.* тар; **пла́тье узко́** көйнөк тар; **3.** (*тесный*) тар, кууш; **у́зкие рукава́** тар жең; **4.** *перен.* (*ограниченный*) тар, тайкы; **в у́зком кругу́ друзе́й** өзүнүн достору менен тар чөйрөдө; **у́зкая специа́льность** тар специальность; **5.** *перен.* (*лишённый широты*) тар, тайкы; **у́зкий практици́зм** тар практицизм; **у́зкий кругозо́р** тар кругозор; ◇ **в у́зком смы́сле сло́ва** сөздүн тар маанисинде; **у́зкий гла́сный** *лингв.* кууш үндүү.

**УЗКО=** *кош сөздөрдүн биринчи бөлүгү «тар», «кууш» деген мааниде келет; мис.:* **узколи́цый** кууш беттүү.

**УЗКОВЕ'ДОМСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое тар ведомстволук.

**УЗКОГО'РЛЫЙ,** -ая, -ое тар алкымдуу, оозу тар; **узкого́рлый кувши́н** оозу тар кумура.

**УЗКОГРУ'ДЫЙ,** -ая, -ое кууш көкүрөк, көкүрөгү кууш.

**УЗКОКОЛЕ'ЙКА** *ж. ж.-д.* тар колеялуу (темир жол).

**УЗКОКОЛЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое *ж.-д.* тар колеялуу.

**УЗКОЛИ'СТНЫЙ,** -ая, -ое *бот.* энсиз жалбырактуу.

**УЗКОЛИ'ЦЫЙ,** -ая, -ое кууш беттүү.

**УЗКОЛО'БЫЙ,** -ая, -ое **1.** тар чекелүү, кууш маңдай; **2.** *перен. разг.* (*односторонний, ограниченный*) тар пикирдүү, тар ойлуу; **узколо́бый челове́к** тар пикирдүү адам.

**УЗКОРЯ'ДНЫЙ,** -ая, -ое катар аралыгы кууш (тар); **узкоря́дный сев** катар аралыгын кууш кылып эгүү.

**узла́** I, II *род. п. от* **у́зел** I, II.

**УЗЛОВА'ТОСТЬ** *ж.* түйүндүүлүк, түйүндөрү көптүк.

**УЗЛОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое түйүндүү, түйүндөрү көп; **узлова́тая пря́жа** түйүндүү жип.

**УЗЛОВО'Й,** -а́я, -о́е **1.** тоомдуу; **узлова́я ста́нция** *ж.-д.* тоомдуу станция; **2.** *перен.* (*основной*) негизги, башкы, маанилүү; **узлово́й вопро́с** негизги маселе.

**УЗНАВА'ТЬ** *несов. см.* **узна́ть.**

**УЗНА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*признать*) таануу, билүү; **я узна́л его́ по го́лосу** мен аны үнүнөн тааныдым; **его́ нельзя́ узна́ть** аны таанып болбойт, ал таанылбайт; **2.** *что* (*услышать*) билүү; угуу; **я э́то узна́л от дру́га** мен муну досумдан билдим; **узна́ть по ра́дио** радио аркылуу билүү; **3.** *о ком-чём* (*справиться*) билүү; **узна́йте, до́ма ли он** ал үйүндө бекен, билиңизчи; **4.** *кого-что* (*ознакомиться*) билүү; **узна́ть** *чей-л.* **хара́ктер** *бирөөнүн* мүнөзүн билүү.

**У'ЗНИК** *м. уст.* туткун, камактагы киши.

**УЗО'Р** *м.* сайма, сайма үлгүсү, саймаланган кооздук, кооздук, оюу-чийүү, оймо-чийме; **ткань краси́вого узо́ра** кооздугу сонун кездеме.

**УЗО'РНЫЙ,** -ая, -ое **узор**-*го т.*; саймалуу, гүлдүү, кештелүү, оймо-чиймелүү; **узо́рные занаве́ски** терезенин саймалуу (гүлдүү) пардалары.

**УЗО'РЧАТЫЙ,** -ая, -ое *см.* **узо́рный.**

**У'ЗОСТЬ** *ж.* **1.** (*малая ширина*) тардык, кууштук; **у́зость у́лицы** көчөнүн тардыгы; **2.** *перен.* (*ограниченность, односторонность*) тардык, тайкылык; **у́зость взгля́дов** көз караштардын тайкылыгы.

**УЗРЕ'ТЬ** *сов. кого-что, уст.* көрүү, көрүп калуу, байкап калуу.

**УЗУРПА'ТОР** *м.* узурпатор (*бирөөнүн укугун закониз, зордук менен тартып алган адам*).

**УЗУРПА'ТОРСТВО** *ср.* узурпаторчулук, узурпаторство (*узурпатордун аракети*).

**УЗУРПА'ЦИЯ** *ж.* узурпация, узурпациялоо (*бирөөнүн укугун же бийликти законсуз тартып алуу*).

**УЗУРПИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* узурпациялоо.

**У'ЗЫ** *только мн.* **1.** *уст.* (*оковы*) кишен; **2.** *перен.* ынактык, жакындык, байланыш; **у́зы дру́жбы** достук байланыш.

**УЙГУ'Р** *м* уйгур.

**УЙГУ'РКА** *женск. р. к* **уйгур;** уйгурка.

**УЙГУ'РСКИЙ,** -ая, -ое **уйгур**-*га т.*; **уйгу́рский язы́к** уйгур тили.

**УЙГУ'РЫ** *мн.* уйгурлар.

**уйду́, уйдёшь** *и т. д. буд. вр. от* **уйти́.**

**У'ЙМА** *ж. разг.* (*очень много*) толгон, өтө көп, абдан көп, эң эле көп, аябаган көп; **у́йма де́нег** толгон акча; **на э́то ушла́ у́йма вре́мени** буга абдан көп убакыт кетти; **у́йма наро́ду** толгон эл.

**уйму́, уймёшь** *и т. д. буд. вр. от* **уня́ть.**

**уйму́сь, уймёшься** *и т. д. буд. вр. от* **уня́ться.**

**УЙТИ'** *сов.* **1.** (*отправиться*) кетүү, жөнөө, жөнөп кетүү; **я ушёл вме́сте с ним** мен аны менен бирге кеттим; **по́езд уже́ ушёл** поезд жөнөп кетти; **2.** (*скрыться, спастись*) качып кетүү, качып кутулуу, жашырынуу; **уйти́ от опа́сности** коркунучтан кутулуу; **3.** (*покинуть*) кетүү, таштап кетүү; **уйти́ со сце́ны** сценадан кетүү; **он ушёл с рабо́ты** ал кызматтан кетти; **4.** *перен.* (*погрузиться*) кирип кетүү, чумулуу, батуу; **уйти́ в размышле́ния** ойго батуу, ойго чумулуу; **5.** (*пройти — о времени*) өтүү; **вре́мя ещё не ушло́** убакыт али өтө элек; **6.** *разг.* (*кипя перелиться через край*) ташып кетүү (*кайнап*); **молоко́ ушло́** сүт ташып кетти; **7.** *перен. разг.* (*потребоваться*) кетүү; **ушло́ мно́го де́нег** көп акча кетти; ◇ **уйти́ в о́бласть исто́рии** жок болуу, унутулуу; **уйти́ в себя́** өзү менен өзү болуу (*айланада эмне болуп жатканы менен иши жок*).

**УКА'З** *м.* указ; **Ука́з Прези́диума Верхо́вного Сове́та СССР** СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы; ◇ **ты мне не ука́з** сенсиз эле билемин.

**УКАЗА'НИЕ** *ср.* көрсөтмө, көрсөтүү; **по указа́нию из це́нтра** борбордун көрсөтмөсү боюнча; **дать соотве́тствующие указа́ния** тийешелүү көрсөтмөлөр берүү.

**УКАЗА'ТЕЛЬ** *м.* **1.** (*надпись, стрелка и т. п.*) көрсөткүч; **указа́тель доро́г** жол көрсөткүч; **2.** (*справочник, список*) указатель, көрсөткүч; **указа́тель имён** аттардын указатели.

**УКАЗА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое көрсөтүүчү, жөн шилтөөчү; **указа́тельное местоиме́ние** *грам.* шилтеме ат атооч; ◇ **указа́тельный па́лец** сөөмөй.

**УКАЗА'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что, на кого-что* (*показать*) көрсөтүү; **указа́ть па́льцем** *на кого-л.* *бирөөнү* сөөмөйү менен көрсөтүү; **он указа́л мне доро́гу** ал мага жол көрсөттү; **2.** *что, на что* (*разъяснить, обратить внимание*) көрсөтүү, түшүндүрүү, үйрөтүү, жөн шилтөө; **указа́ть на недоста́тки в рабо́те** иштеги кемчиликтерди көрсөтүү; ◇ **указа́ть на дверь** кууп чыгуу.

**УКА'ЗКА** *ж.* **1.** (*палочка*) указка, көрсөткүч таякча; **2.** *разг. неодобр.* (*указание*) бирөөнүн шилтөөсү; **де́йствовать по ука́зке** бирөөнүн шилтөөсүнө карай аракет кылуу.

**УКА'ЗЧИК** *м.* көрсөтүүчү, жөн шилтеп туруучу, башкаруучу.

**УКА'ЗЧИЦА** *женск. р. к* **ука́зчик.**

**УКА'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **указа́ть.**

**УКА'ЛЫВАТЬ** *несов. см.* **уколо́ть.**

**УКА'ЛЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **уколо́ться; 2.** *страд. к* **ука́лывать.**

**УКАТА'ТЬ** *сов. что* таптоо, таптап текшилөө, тоголотуп жылмалоо; **585ката́ть доро́гу** жолду таптоо.

**УКАТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* (*угнать*) тоголотуп (тегеретип) алыстатуу, тоголотуу; **де́ти укати́ли мяч под воро́та** балдар топту дарбазанын астына тоголотуп алып кетишти; **2.** *разг.* (*уехать*) тез кетүү, тез жөнөп кетүү, чугоюу, зымыроо; **он вчера́ укати́л в Ленингра́д** ал кечээ Ленинградга жөнөп кетти.

**УКА'ТЫВАТЬ** I *несов. см.* **уката́ть.**

**УКА'ТЫВАТЬ** II *несов. см.* **укати́ть.**

**УКАЧА'ТЬ** *сов. кого-что* **1.** (*усыпить*) терметип уктатуу; **ребёнка бы́стро укача́ли** баланы терметип, тез уктатышты; **2.** *безл.* (*измучить качкой*) башты айландыра чай-

www.bizdin.kg

коо, толкунда башты айландырып кускуну келтирүү; **меня на пароходе укачало** пароходдо толкундан башым айланды.

**УКА'ЧИВАНИЕ** *ср* (*ребёнка*) терметүү, терметип уктатуу.

**УКА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **укачать.**

**УКИПА'ТЬ** *несов. см.* **укипеть.**

**УКИПЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*дойти до готовности*) кайнап жетиле бышуу, 2. (*убыть от кипения*) кайнап соолуу, кайнап кемүү.

**УКИСА'ТЬ** *несов. см.* **укиснуть.**

**УКИ'СНУТЬ** *сов.* ачып жетилүү, жетиле ачуу, ачып калуу, ирүү; **тесто ещё не укисло** камыр жетиле ачый элек.

**УКЛА'Д** *м.* уклад, түр, тартип, сиңген үрп-адат; **новый уклад жизни** турмуштун жаңы тартиби; **общественно-экономический уклад** коомдук-экономикалык уклад.

**УКЛА'ДКА** *ж.* 1. (*чем-л.*) укладка, төшөө, салуу, коюу, жаюу; 2. (*упаковка во что-л.*) салуу, иреттеп салуу; иреттеп тизүү; жайлаштырып салып бекитүү (*мис. буюмдарды бир нерсенин ичине*).

**УКЛА'ДЧИК** *м.* укладчик (*бир нерсени салуучу, төшөөчү жумушчу*).

**УКЛА'ДЧИЦА** *женск. р. к* **укладчик;** укладчица.

**УКЛА'ДЫВАТЬ** *несов. см.* **уложить.**

**УКЛА'ДЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уложиться; улечься** 1, 2; **укладываться спать** уктоо үчүн жатуу; 2. *страд. к* **укладывать;** ◇ **не укладывается в голове (в сознании)** акылга сыйбай турат.

**УКЛО'Н** *м.* 1. (*покатость*) оодук, эңкейиш, ылдый, жантайма, **поезд шёл под уклон** поезд эңкейиш менен жүрүп отурду; 2. *перен. полит.* уклон, кыйшаюу; **правый уклон** оңчул уклон; **левый уклон** солчул уклон; 3. *перен.* (*направление*) багыт; **школа с техническим уклоном** техникалык багыттагы мектеп.

**УКЛОНЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*напр. от удара*) кыйшаюу, эңкейүү, четке кача бурулуу, буйт берүү, жалт берүү; 2. *перен.* (*от темы и т. п.*) кыйшаюу, бурулуу, четтөө, четке чыгып кетүү; четтеп, башка жакка буруу; **уклонение от темы** темадан четтеп, сөздү башка жакка буруу; 3. *перен.* (*от знакомства и т. п.*) баш тартуу; **уклонение от знакомства** тааныштуудан баш тартуу.

**УКЛОНИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*отстраниться*) кыйшаюу, эңкейүү, буйтоо, четке кача бурулуу; **уклониться от удара** соккудан буйтоо; 2. (*от прямого направления*) кыйшаюу, бурулуу; **дорога уклонилась вправо** жол оңго бурулду; 3. *перен.* (*отвлечься*) кыйшаюу, бурулуу, четтөө, четке чыгып кетүү; **оратор уклонился от темы** оратор темадан четке чыгып кетти; 4. *перен.* (*избежать*) баш тартуу; **уклониться от прямого ответа** тике жооп берүүдөн баш тартуу.

**УКЛО'НЧИВО** *нареч.* тайсалдатып, куйтуланып; **уклончиво отвечать** так айтпай, тайсалдатып жооп кайтаруу.

**УКЛО'НЧИВОСТЬ** *ж.* түз эместик, тайсалдагандык; **уклончивость ответа** жооптун түз эместиги.

**УКЛО'НЧИВЫЙ,** -ая, -ое түз эмес, тайсалдаган.

**УКЛОНЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **уклониться.**

**УКЛЮ'ЧИНА** *ж.* уключина (*кайыктын кырында калак бекитилүүчү оюк жер*).

**УКОКО'ШИТЬ** *сов. кого, прост.* жайлап салуу (*өлтүрүү*).

**УКО'Л** *м.* 1. саюу, чанчуу; **укол иголкой** ийне менен саюу; 2. *мед.* (*впрыскивание*) укол, укол жасоо; **назначить больному уколы** оорууга укол жасоону буюруу; 3. *перен.* (*обида*) кычыгына тийүү, сөз менен чымчуу.

**УКОЛО'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*наколоть*) саюу, сайып алуу, чанчуу; **я уколол руку булавкой** мен колумду төөнөгүч менен сайып алдым; 2. *перен.* (*уязвить, обидеть*) кычыгына тийүү; **уколоть его замечанием** сөз айтып анын кычыгына тийүү.

**УКОЛО'ТЬСЯ** *сов.* (*наколоться*) сайып алуу, тикенек киргизип алуу.

**УКОМПЛЕКТОВА'НИЕ** *ср.* комплекттөө, толтуруу, топтоо, чогултуу.

**УКОМПЛЕКТО'ВАННОСТЬ** *ж.* толук комплекттенгендик.

**УКОМПЛЕКТО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **укомплектовать;** 2. *прил.* толук комплекттенген; **укомплектованные части** *воен.* толук комплекттенген бөлүктөр.

**УКОМПЛЕКТОВА'ТЬ** *сов. что* комплекттөө, толтуруу, топтоо, чогултуу.

**УКОМПЛЕКТОВА'ТЬСЯ** *сов.* комплекттелинүү, толтурулуу, топтолуу, чогултулуу.

**УКОМПЛЕКТО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **укомплектовать.**

**УКОМПЛЕКТО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укомплектоваться;** 2. *страд. к* **укомплектовывать.**

**УКО'Р** *м.* жеме; **посмотреть с укором** жемелеген түр менен кароо.

**УКОРА'ЧИВАНИЕ** *ср.* кыскартуу.

**УКОРА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **укоротить.**

**УКОРА'ЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укоротиться;** 2. *страд. к* **укорачивать.**

**УКОРЕНЕ'НИЕ** *ср.* 1. тамырдануу, тамыр жаюу; 2. *перен.* өнөкөт болуу, өнөкөткө айлануу, сиңүү, чыңдалуу.

**УКОРЕНИ'ТЬ** *сов. что* 1. тамырдоо, тамыр жаюу; 2. *перен.* өнөкөт кылуу, сиңдирүү, чыңдоо.

**УКОРЕНИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. тамырдануу, тамыр жаюу; 2. *перен.* өнөкөт болуу, өнөкөт болуп калуу, өнөкөткө айлануу, сиңүү, чыңдалуу; **привычка укоренилась** адат өнөкөт болуп калды; **многие обычаи укоренились в быту с давних времён** көп үрп-адаттар турмушта эзелден бери өнөкөт болуп калган.

**УКОРЕНЯ'ТЬ** *несов. см.* **укоренить.**

**УКОРЕНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укорениться;** 2. *страд. к* **укоренять.**

**УКОРИ'ЗНА** *ж.* жеме, жекирүү, уяткаруу, зекүү; **говорить** *что-л.* **с укоризной** *бир нерсени* жемелеп айтуу.

**УКОРИ'ЗНЕННО** *нареч.* жемелеп, жекирип, уяткарып, зекип.

**УКОРИ'ЗНЕННЫЙ,** -ая, -ое жемелеген, жекирген, зекиген; **укоризненные слова** жекирген сөздөр.

**УКОРИ'ТЬ** *сов. кого* жемелөө, жекирүү, зекүү.

**УКОРОТИ'ТЬ** *сов. что* кыскартуу; **укоротить палку** таякты кыскартуу.

**УКОРОТИ'ТЬСЯ** *сов.* (*стать короче*) кыскаруу; **дни укоротились** күн кыскарды.

**УКОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **укорить.**

**УКО'С** *м.* чабылган чөп; **большой укос** көп чабылган чөп.

**УКРА'ДКОЙ** *нареч.* жашырынып, тымызын, уурданып; **взглянуть украдкой** жашырынып кароо, тымызын (алдыртан) кароо; **он пробрался украдкой в сад** ал уурданып бакка кирип алды.

**УКРАИ'НЕЦ** *м.* украинец.

**УКРАИ'НКА** *женск. р. к* **украинец;** украинка.

**УКРАИ'НСКИЙ,** -ая, -ое **Украина**-*га*, **украинец**-*ке т.*; **украинский язык** украинецтер тили.

**УКРАИ'НЦЫ** *мн.* украинецтер.

**УКРА'СИТЬ** *сов. кого-что* кооздоо, жасоо, жасалгалоо; **украсить здание флагами** үйдү желектер менен жасалгалоо.

**УКРА'СИТЬСЯ** *сов.* кооздонуу, кооздолуу, жасануу, жасалгалануу.

**УКРА'СТЬ** *сов. кого-что* уурдоо, уурдап алуу.

**УКРАША'ТЬ** *несов. см.* **украсить.**

www.bizdin.kg

**УКРАША'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укра́ситься;** 2. *страд. к* **украша́ть.**

**УКРАШЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) кооздоо, жасоо, жасалгалоо; **украше́ние ёлки** ёлканы жасалгалоо; 2. (*предмет*) жасалга, кооздук нерсе; **ёлочные украше́ния** ёлка жасалгалары.

**УКРЕПИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что, прям. и перен.* чыңдоо, бекемдөө, бекитүү, мыктылоо, ныгытуу; **укрепи́ть плоти́ну** плотинаны бекитүү; **укрепи́ть фронт сторо́нников ми́ра** тынчтыкты жактоочулардын фронтун чыңдоо; 2. *что, воен.* чыңдоо, бекитүү; 3. *что* (*прикрепить*) бекитүү, ныгытуу; **укрепи́ть була́вкой** төөнөгүч менен бекитүү.

**УКРЕПИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *прям. и перен.* (*стать крепче*) чыңдалуу, бекемделүү, бекитилүү, ныгытылуу; 2. *воен.* чыңдануу, бекинүү; **батальо́н укрепи́лся о́коло мо́ста́** батальон көпүрөнүн жанына бекинди.

**УКРЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. чыңдоо, бекемдөө, бекитүү, мыктылоо, ныгытуу; **укрепле́ние забо́ра подпо́рками** дубалды тиреөчтөр менен бекемдөө; **укрепле́ния трудово́й дисципли́ны** эмгек тартибинин чыңдалышы; 2. *воен.* (*сооружение*) укрепление (*чеп, сепил, коргон*); **долговре́менное укрепле́ние** көп убактылуу укрепление; **берегово́ые укрепле́ния** жээк укреплениелери; **полевы́е укрепле́ния** талаа укреплениелери.

**УКРЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **укрепи́ть.**

**УКРЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укрепи́ться;** 2. *страд. к* **укрепля́ть.**

**УКРО'МНЫЙ,** -ая, -ое обочо, оолак; **укро́мное месте́чко** обочо жер.

**УКРО'П** *м.* укроп (*тамакка татым катарында салынуучу жыттуу чөптүн бир түрү*).

**УКРОТИ'ТЕЛЬ** *м.* үйрөтүүчү, жоошутуучу; **укроти́тель львов** арстандарды үйрөтүүчү.

**УКРОТИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **укроти́тель.**

**УКРОТИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*заставить повиноваться*) үйрөтүү, жоошутуу; **укроти́ть зве́ря** жапайы айбанды үйрөтүү; 2. *что, перен.* (*умерить*) жоошутуу, басуу, тыюу; **укроти́ть гнев** ачууну басуу.

**УКРОТИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. үйрөнүү, жоошуу (*жапайы айбан*); 2. *перен.* жоошуу, басылуу, тыйылуу (*мис. ачуу басылуу*).

**УКРОЩА'ТЬ** *несов. см.* **укроти́ть.**

**УКРОЩА'ТЬСЯ** *несов. см.* **укроти́ться.**

**УКРОЩЕ'НИЕ** *ср.* 1. үйрөтүү, жоошутуу (*жапайы айбанды*); 2. *перен.* жоошутуу, басуу, тыюу.

**УКРУПНЕ'НИЕ** *ср.* ирилентүү, ирилештирүү, чоңойтуу; **укрупне́ние ме́лких колхо́зов** майда колхоздорду ирилештирүү.

**УКРУПНЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **укрупни́ть;** 2. *прил.* ирилешкен, ириленген, ирилештирилген, чоңойтулган; **укрупнённый колхо́з** ирилешкен колхоз.

**УКРУПНИ'ТЬ** *сов. что* ирилентүү, ирилештирүү, чоңойтуу.

**УКРУПНИ'ТЬСЯ** *сов.* ириленүү, ирилешүү, чоңоюу.

**УКРУПНЯ'ТЬ** *несов. см.* **укрупни́ть.**

**УКРУПНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укрупни́ться;** 2. *страд. к* **укрупня́ть.**

**УКРЫВА'ТЕЛЬ** *м. юр.* жашыруучу, жаап-жашыруучу, катуучу; **укрыва́тель кра́деного** уурдалган нерсени жашыруучу.

**УКРЫВА'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **укрыва́тель.**

**УКРЫВА'ТЕЛЬСТВО** *ср. юр.* жашыруучулук, жаап-жашыруучулук, катуучулук.

**УКРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **укры́ть.**

**УКРЫВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **укры́ться;** 2. *страд. к* **укрыва́ть.**

**УКРЫ'ТИЕ** *ср.* 1. (*покрытие*) жабуу, ороо, кымтуу; 2. жашыруу, калкалоо, катуу, бекитүү, далдалоо; 3. *воен.* (*убежище*) калка, далда; **укры́тие от пулемётного огня́** пулемёт огунан калкалануучу жай.

**УКРЫ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*покрыть*) жабуу, ороо, кымтуу; **укры́ть ребёнка одея́лом** балага жууркан жабуу. 2. (*скрыть, спрятать*) жашыруу, калкалоо, далдалоо, катуу, бекитүү; **укры́ть ра́неного партиза́на** жарадар партизанды жашыруу.

**УКРЫ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*покрыться*) жамынуу; 2. (*спрятаться, скрыться*) жашынуу, жашырынуу, калкалануу, далдалануу, бекинүү; **укры́ться от дождя́** жамгырдан калкалануу; 3. (*остаться незамеченным*) жашынуу; **укры́ться от его́ взгля́да** анын көзүнө көрүнбөй жашынуу.

**У'КСУС** *м.* уксус, сирке, ачык суу.

**УКСУСНОКИ'СЛЫЙ,** -ая, -ое *хим.* уксус кислоталык; **уксуснoки́слая соль** уксус кислоталык туз.

**У'КСУСНЫЙ,** -ая, -ое **уксус-***ка т.*; **у́ксусная кислота́** *хим.* уксус кислотасы; **у́ксусная эссе́нция** уксус эссенциясы.

**УКУ'ПОРИВАТЬ** *несов. см.* **уку́порить.**

**УКУ'ПОРИТЬ** *сов. что* 1. (*напр. бутылку*) тыгындоо, тыгындап бекитүү, тыгын тыгуу (*мис. бөтөлкөгө*); 2. (*упаковать*) жайлаштырып салып бекитүү (*мис. бир нерсени ящикке салып жайлаштыруу*).

**УКУ'ПОРКА** *ж.* 1. (*закупорка*) тыгындоо, тыгындап бекитүү, тыгын тыгуу; 2. (*упаковка*) жайлаштырып салып бекитүү; 3. (*пробка и т. п.*) тыгын; 4. (*тара*) укупорка; **деревя́нная уку́порка** жыгач укупорка.

**УКУ'С** *м.* кабуу, тиштөө (*напр. собаки*); чагуу (*напр. змеи*).

**УКУСИ'ТЬ** *сов. кого-что* кабуу, тиштөө (*напр. о собаке*); чагуу (*напр. о змее*); ◇ **кака́я му́ха тебя́ укуси́ла?** *разг.* сенин арпаңды ким чийки орду?, сенин текенди ким сойду?

**УКУ'ТАТЬ** *сов. кого-что* ороо, ороп-чулгоо.

**УКУ'ТАТЬСЯ** *сов.* оронуу, оронуп-чулгануу; **уку́таться в плато́к** жоолукка оронуп-чулгануу.

**УКУ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **уку́тать.**

**УКУ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уку́таться;** 2. *страд. к* **уку́тывать.**

**УКУ'ШЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **укуси́ть;** 2. *прил.* каптырган, тиштеткен, чактырган.

**УЛА'ВЛИВАНИЕ** *ср. тех.* кармоо.

**УЛА'ВЛИВАТЕЛЬ** *м. см.* **улови́тель.**

**УЛА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **улови́ть.**

**УЛА'ДИТЬ** *сов. что* жөнгө салуу, иретке салуу, жайлаштыруу; **ула́дить де́ло** ишти жөнгө салуу.

**УЛА'ДИТЬСЯ** *сов.* жөнгө салынуу, иретке салынуу, жайлаштырылуу; **де́ло ула́дилось** иш жөнгө салынды.

**УЛА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **ула́дить.**

**УЛА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ула́диться;** 2. *страд. к* **ула́живать.**

**УЛА'МЫВАТЬ** *несов. см.* **улома́ть.**

**УЛА'Н** *м. воен. уст.* улан (*найза менен куралданган жеңил кавалерияда кызмат кылуучу аскер*).

**УЛЕЖА'ТЬ** *сов. разг.* жатуу, бир жерде жата алуу.

**У'ЛЕЙ** *м.* бал челек.

**УЛЕПЁТЫВАТЬ** *несов. разг.* кылчайбай качуу; **улепётывать со всех ног** буту үзүлгөнчө кылчайбай качуу.

**УЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **улете́ть.**

**УЛЕТЕ'ТЬ** *сов.* 1. учуп кетүү; **пти́цы уже́ улете́ли** куштар учуп кетишти; 2. *перен.* (*миновать*) өтүп кетүү; **вре́мя улете́ло** убакыт өтүп кетти.

**УЛЕТУ'ЧИВАТЬСЯ** *несов. см.* **улету́читься.**

**УЛЕТУ'ЧИТЬСЯ** *сов.* 1. *физ., хим.* (*испариться*) буугa айланып учуп кетүү; **спирт улету́чился** спирт буугa айланып учуп кетти; 2. *перен. разг.* (*исчезнуть*) акырын жылт коюу, жылт коюп качып кетүү, астыртан качып кетүү; **он куда́-то улету́чился** ал кайдадыр жылт коюп жок болуп кетти.

www.bizdin.kg

**УЛЕ'ЧЬСЯ** *сов.* **1.** (*лечь*) жатуу, жатып уктоо, жатып алуу; **улéчься на ди вáн** диванга жатып алуу; **2.** (*уместиться*) батуу, батып жатуу, батып жатып алуу; **3.** (*осесть*) басылуу; **пыль улеглáсь** чаң басылды; **4.** *перен.* (*успокоиться*) басылуу, басанча болуу, тынчуу; **вéтер улёгся** шамал басылды.

**УЛИЗНУ'ТЬ** *сов. разг.* жылт коюу; астыртан билинбей качып кетүү; **улизнýть из кóмнаты** комнатадан билинбей жылт коюп качып кетүү.

**УЛИ'КА** *ж.* далил (*бирөөнүн кылмышына*); **кóсвенные ули́ки** кыйыр далилдер; **прямы́е ули́ки** тике (анык) далилдер.

**УЛИ'ТКА** *ж.* **1.** *зоол.* үлүл; **2.** *анат.* улитка (*кулактын ичиндеги үлүлгө окшогон үгүү борбору*).

**У'ЛИЦА** *ж.* **1.** көчө; **2.** *разг.* (*место вне жилых помещений*) тыш, үйдүн тышы, сырт, эшик; **на ýлице жарá** тышта күн ысык; ◇ **оказáться (очути́ться) на ýлице** 1) (*без жилья*) көчөдө калуу (*үй-жайсыз калуу*); 2) (*без работы*) жумушсуз калуу.

**УЛИЦЕЗРЕ'ТЬ** *сов. кого-что, ирон.* өңүн көрүү, өз көзү менен өңүн көрүү (кароо).

**УЛИЧА'ТЬ** *несов. см.* **уличи́ть.**

**УЛИЧЕ'НИЕ** *ср.* айыбын ачуу, бетин ачуу.

**УЛИЧИ'ТЕЛЬ** *м.* бирөөнүн бетин (айыбын) ачуучу.

**УЛИЧИ'ТЬ** *сов. кого-что* айыбын ачуу, бетин ачуу, чыгаруу; **уличи́ть** *кого-л.* **во лжи** *бирөөнүн* калпын чыгаруу.

**У'ЛИЧНЫЙ,** -ая, -ое **улица** 1-*ге т.*; көчөдөгү; **ýличный шум** көчөдөгү дуу; **ýличный стóрож** көчө кароолчусу; **ýличный мальчи́шка** көчө баласы (*тартипсиз, кароосуз калган бала*).

**УЛО'В** *м.* алынган балык, кармалган балык (*бир убакта же белгилүү бир мөөнөттө кармалган балык*); **богáтый улóв** эң көп кармалган балык.

**УЛОВИ'МЫЙ,** -ая, -ое байкаларлык (*мис. үн, тыбыш*).

**УЛОВИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* кармагыч.

**УЛОВИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*поймать*) кармоо; **2.** *что, перен.* (*воспринять, заметить*) баамдоо, түшүнүү, угуу, байкоо; **улови́ть скры́тый смысл слов** сөздүн жашырын маанисин баамдоо; **3.** *что, перен. разг.* (*использовать*) пайдалануу; **улови́ть удóбный момéнт** ыңгайлуу учурдан пайдалануу.

**УЛО'ВКА** *ж.* амал, айла, амал-айла, ыкым, куулук, иле; **прибегáть ко всевозмóжным улóвкам** ар түрдүү амал-айланы колдонуп көрүү.

**УЛОЖЕ'НИЕ** *ср. юр.* уложение (*закондор жыйнагы*).

**УЛОЖИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого* жаткыруу, уктатуу, уктатууга жаткыруу; **мать уложи́ла детéй спать** эне балдарды уктатууга жаткырды; **2.** *что* (*уместить*) батыруу, сыйдыруу, сыйгызуу; салуу, иреттеп салуу; жайлаштырып салып бекитүү (*упаковать*); **уложи́ть вéщи в чемодáн** буюмдарды чемоданга иретгеп салуу; **3.** *что чем* (*покрыть, устлать*) төшөө, салуу, коюу, жаюу; **уложи́ть двор кáмнем** короого таш төшөө; **4.** *что* (*поместить в определённом порядке*) салуу, иреттеп салуу, иреттеп тизүү; **уложи́ть рéльсы** рельсаларды салуу; **5.** *кого, разг.* (*убить*) өлтүрүү, жайлоо, жайлап салуу; **он уложи́л двух зáйцев** ал эки коёнду жайлап салды.

**УЛОЖИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*поместиться*) батуу, сыюу; **все вéщи свобóдно уложи́лись в шкаф** бардык буюмдар шкафка кеңири батты; **2.** (*уложить вещи*) салынуу, иреттелип салынуу, иреттеп жыйынып алуу; **3.** *перен.* (*не выйти из установленных пределов*): **уложи́ться в смéту** сметада көрсөткөндөн ашырбай расход кылуу.

**УЛОМА'ТЬ** *сов. кого, разг.* араң көндүрүү.

**УЛУ'С** *м.* улус (**1.** *Сибирдеги кээ бир элдерде — айылдын, селениенин аты;* **2.** *уруу общинасы жана анын жери; жана да округдун, райондун аты, мис. якуттарда*).

**УЛУЧА'ТЬ** *несов. см.* **улучи́ть.**

**УЛУЧИ'ТЬ** *сов. что:* **улучи́ть момéнт** убактысын табуу, учурун келтирүү, кырдаалын келтирүү.

**УЛУЧША'ТЬ** *несов. см.* **улýчшить.**

**УЛУЧША'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **улýчшиться; 2.** *страд. к* **улучшáть.**

**УЛУЧШЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) жакшыртуу, мыктылоо, оңоо; жакшыруу, мыктылануу, оңолуу; **улучшéние кáчества продýкции** продукциянын сапатын жакшыртуу; **улучшéние погóды** аба ырайынын оңолушу; **2.** (*усовершенствование*) жакшыртуу, өркүндөтүү; **внести́ корéнные улучшéния в процéсс произвóдства** өндүрүш процессин негиздүү түрдө жакшыртуу.

**УЛУ'ЧШИТЬ** *сов. что* түзөө, мыктылоо, жакшыртуу, жакшылоо, оңоо, өркүндөө (*усовершенствовать*); **улýчшить кáчество продýкции** продукциянын сапатын жакшыртуу.

**УЛУ'ЧШИТЬСЯ** *сов.* түзөлүү, мыктылануу, жакшылануу, оңолуу, өркүндөө (*усовершенствоваться*).

**УЛЫБА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **улыбнýться** 1; **2.** *кому, перен. разг.* (*нравиться*) жагуу; **э́то мне улыбáется** бул мага жагат; **3.** *кому, перен.* (*сулить счастье*) жылмаюу, күлүмсүрөө.

**УЛЫ'БКА** *ж.* жылмайыш, күлүмсүрөө; **весёлая улы́бка** шат жылмайыш; **с довóльной улы́бкой на лицé** ыраазы болуп жылмайган жүз менен.

**УЛЫБНУ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** жылмаюу, күлүмсүрөө; **он вéсело улыбнýлся** ал кубанып жылмайды; **2.** *перен. разг.* (*не осуществиться*) ордунан чыкпай калуу, орундалбай калуу.

**УЛЬТИМАТИ'ВНОСТЬ** *ж.* ультиматумдуулук (*чечкиндүү талап жөнүндө*).

**УЛЬТИМАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое ультиматумдуу.

**УЛЬТИМА'ТУМ** *м.* **1.** *дип.* ультиматум (*эгер аткарылбаса, өтө чукул чарилар менен таасир кылына тургандыгы жөнүндө эскерткен бир мамлекеттин экинчи мамлекетке койгон акыркы жана чечкиндүү талабы*); **предъяви́ть ультимáтум** ультиматум коюу; **2.** ультиматум (*коркутуусу бар талап*).

**УЛЬТРА**- *татаал сөздөрдүн «эң эле», «ашынган», «өтө» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү; мис.:* **ультраконсервáтор** ашынган консерватор.

**УЛЬТРАЗВУ'К** *м.* ультразвук (*адамдын кулагына угулбай турган жогорку чайпалуунун добуштук күчү*).

**УЛЬТРАЗВУКОВО'Й,** -áя, -óе *физ.* ультратыбыштуу; **ультразвуковóй микроскóп** ультратыбыштуу микроскоп.

**УЛЬТРАКОРО'ТКИЙ,** -ая, -ое *физ.* ультракыска; **ультракорóткие вóлны** ультракыска толкундар (*он метрден кыскараак электромагнит толкундары*).

**УЛЬТРАКОРОТКОВО'ЛНОВЫЙ,** -ая, -ое ультракыска толкундуу; **ультракоротковóлновое радиовещáние** ультракыска толкундуу радио берүүлөр.

**УЛЬТРАМАРИ'Н** *м.* ультрамарин (*ачык көк боёк*).

**УЛЬТРАМИКРОСКО'П** *м. физ.* ультрамикроскоп.

**УЛЬТРАФИОЛЕ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое *физ.*: **ультрафиолéтовые лучи́** ультрафиолетовый нурлар (*спектирде кызгылт көк нурлардын ары жагында жаткан, көзгө көрүнбөй турган кыска нурлар*).

**у'лья** *род. п. от* **ýлей.**

**УЛЮЛЮ'КАТЬ** *несов.* **1.** *охот.* тукуруу, «туайт, туайт» деш, айдактоо; **2.** *перен. разг.* дуулдап кыйкырып ызалоо.

**УМ** *м.* **1.** (*способность мыслить*) акыл, эс, акыл-эс; **человéк с умóм** акылдуу (эстүү) киши; **2.** *перен.* (*мыслитель*) акылман, акылдуу киши; **лýчшие умы́ человéчества** адамзаттын акылмандары; ◇ **быть в здрáвом умé** акыл-эси ордунда болуу; **быть без умá** аябай жакшы көрүү, аябай сүйүү; **сходи́ть с умá** *перен.* акылдан адашуу, жинди болуу; **сходи́ть с умá** *по ком-л. бирөөнү* өтө жакшы көрүп, акылынан адашуу; **брáться (взя́ться) за ум** акыл токто-

www.bizdin.kg

туу; акылга келүү; **он себе́ на уме́** ал кыйды неме; **в своём уме́** *разг.* акылы ордунда; **он не в своём уме́** *разг.* анын акылы ордунда эмес; **вы́жить из ума́** *разг.* алжуу, алжып калуу (*картайгандыктан*); **и в уме́ не́ было** *разг.* оюма да (оюна да) келген жок; **из ума́ вон** *разг.* эстен чыгып кетиптир; таптакыр унутулуптур; **прийти́ на ум** *разг.* бир нерсени иштегиси келе калуу; **свести́ с ума́** 1) (*довести до сумасшествия*) жинди кылып салуу; 2) (*пленить*) башын айландыруу, башын тегеретүү; **сойти́ с ума́** жинди болуу; **ума́ не приложу́** *разг.* акылым жетпейт, түшүнүп болбойт, эмне кыларды билбейм; **уму́ непостижи́мо** *разг.* акыл жеткис, акылга сыйбайт; **счита́ть в уме́** көңүлдөн эсептөө (*кагазга жазбай көңүлдөн эсептөө*); **два в уме́** (*при вычислении*) эки көңүлдө; **от большо́го ума́** *ирон.* акылынын чоңдугунан, акмактыгынан; **на уме́ (в уме́)** оюнда; **я не зна́ю, что у него́ на уме́** анын оюнда эмне бар экенин мен билбеймин; **ум хорошо́, а два лу́чше** *посл.* кеңешип кескен бармак оорубайт; **ума́ пала́та** *см.* **пала́та; ум за ра́зум захо́дит** *см.* **ра́зум; за́дним умо́м кре́пок** *разг.* кеcөөнүн акылы түштөн кийин; **ты в уме́?** *разг.* дениң сообу?, жинди болдуңбу?; **на ум наста́вить** *разг.* акыл үйрөтүү; **не твоего́ ума́ де́ло** *разг.* сенин акылың жетер иш эмес, сенин ишиң эмес; **уму́-ра́зуму учи́ть** *разг.* акыл айтуу; **с умо́м** (*делать что-л.*) *бир нерсени* түшүнүп, эстүү-баштуулук менен иштөө.

**УМАЛЕ'НИЕ** *ср.* кичирейүү, кичирейтүү, азаюу, азайтуу, кемүү, кемитүү, кемситүү, кемсинүү.

**УМАЛИ'ТЬ** *сов.* *что* кичирейтүү, азайтуу, кемитүү, кемситүү; **умали́ть** *чей-л.* **авторите́т** *биреөнүн* авторитетин кемитүү.

**УМАЛИ'ТЬСЯ** *сов.* кичирейүү, азаюу, кемүү, кемсинүү; **его́ досто́инство не умали́лось** анын кадыры кемиген жок.

**УМАЛИШЁННЫЙ** *м.* жинди, эстен ажыраган.

**УМА'ЛЧИВАТЬ** *несов. см.* **умолча́ть.**

**УМА'ЛЧИВАТЬСЯ** *несов. безл. о ком-чём* жашырылуу, айтпай коюлуу; **об э́том почему́-то ума́лчивается** бул жөнүндө эмнегедир айтылбай жатат.

**УМАЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **умали́ть.**

**УМАЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **умали́ться;** 2. *страд. к* **умаля́ть.**

**УМА'СЛИВАТЬ** *несов. см.* **ума́слить.**

**УМА'СЛИТЬ** *сов. кого, разг.* май төшөө, бөйпөңдөө (*мактап, эркелетип көндүрүү*).

**УМА'ЯТЬ** *сов. кого. прост.* абдан чарчатуу, алдыратуу; **до́лгий путь его́ ума́ял** узак жол аны абдан чарчатты.

**УМА'ЯТЬСЯ** *сов. прост.* абдан чарчоо, алдыроо.

**У'МБРА** *ж.* (*краска*) умбра (*кызгылт күрөң түстөгү боёктун бир түрү*).

**УМЕ'ЛЕЦ** *м обл.* уста (*колунан көр төгүлгөн уста*).

**УМЕ'ЛО** *нареч.* билип, билгичтик менен, эбин таап; **уме́ло взя́ться за рабо́ту** ишке билгичтик менен киришүү.

**УМЕ'ЛЫЙ**, -ая, -ое билүүчү, билгич, эптүү, эбин тапкан, колдон келүүчү, чебер; **уме́лое руково́дство** билгич жетекчилик, билгичтик менен жетекчилик кылуу; **уме́лый рабо́тник** билгич кызматкер; **уме́лые ру́ки** чебер кол, колу чебер.

**УМЕ'НИЕ** *ср.* билүү, ык, эп.

**УМЕНЬША'ЕМОЕ** *ср. мат.* кемүүчү.

**УМЕНЬША'ТЬ** *несов. см.* **уме́ньшить.**

**УМЕНЬША'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уме́ньшиться;** 2. *страд. к* **уменьша́ть.**

**УМЕНЬШЕ'НИЕ** *ср.* азаюу, азайтуу, кемүү, кемитүү; кичирейүү, кичирейтүү (*напр. размера, объёма*); **уменьше́ние непроизводи́тельных затра́т** өндүрүмсүз чыгымдарды азайтуу.

**УМЕ́НЬШИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кичирейтүүчү, кичирейтип көрсөтүүчү; **уменьши́тельное стекло́** кичирейтип көрсөтүүчү айнек.

**УМЕ'НЬШИТЬ** *сов. что* азайтуу, кемитүү; кичирейтүү (*сделать маленьким*).

**УМЕ'НЬШИТЬСЯ** *сов.* азаюу, кемүү; кичирейүү (*сделаться маленьким*).

**УМЕ'РЕННОСТЬ** *ж.* 1. орточолук, ашыра талап кылбагандык; 2. *геогр.* мелүүндүк; **уме́ренность кли́мата** климаттын мелүүндүгү.

**УМЕ'РЕННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **уме́рить;** 2. *прил.* орточо; **уме́ренное тре́бование** орточо талап; 3. *прил. геогр.* мелүүн; **уме́ренный кли́мат** мелүүн климат; 4. *прил. перен.* токтоо, ашыра эмес; **уме́ренный хара́ктер** токтоо мүнөз.

**УМЕРЕ'ТЬ** *сов.* 1. өлүү, каза табуу, каза болуу; **умере́ть скоропости́жно** мүрт өлүү; 2. *перен.* (*исчезнуть*) өлүү, жок болуу; **де́ло на́ших отцо́в не умрёт** биздин аталарыбыздын иши өлбөйт.

**УМЕ'РИТЬ** *сов. что* басаңдатуу, мелүүн тарттыруу; **уме́рить гнев** ачуууну басаңдатуу.

**УМЕРТВИ'ТЬ** *сов. кого-что* өлтүрүү, каза таптыруу.

**УМЕ'РШИЙ**, -ая, -ее 1. *прич. от* **умере́ть** 1; 2. *в знач. сущ. м., ж.* өлгөн, каза болгон.

**УМЕРЩВЛЕ'НИЕ** *ср.* өлтүрүү, каза таптыруу; **умерщвле́ние не́рва** *мед.* нервди өлтүрүү (*атайын дарыларды колдонуп, нервдердин сезимдерин жок кылып коюу*).

**УМЕРЩВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **умертви́ть.**

**УМЕРЯ'ТЬ** *несов. см.* **уме́рить.**

**УМЕСТИ'ТЬ** *сов. кого-что* батыруу, сыйгызуу, сыйдыруу; **умести́ть все кни́ги на по́лку** бардык китептерди текчеге сыйгызуу.

**УМЕСТИ'ТЬСЯ** *сов.* батуу, сыюу; **мы здесь свобо́дно умести́мся** биз мында кенен батабыз.

**УМЕ'СТНО** 1. *нареч.* жөндүү, жөнү бар, орундуу, ылайыктуу, тийиштүү, кыйшыны бар; 2. *безл. в знач. сказ.* жөнү бар; **здесь уме́стно сказа́ть, что...** бул жерде ... десе жөнү бар.

**УМЕ'СТНЫЙ**, -ая, -ое жөндүү, жөнү бар, орундуу, орду бар; **уме́стный вопро́с** жөнү бар суроо; **уме́стная шу́тка** орундуу тамаша.

**УМЕ'ТЬ** *несов. с неопр.* билүү, колдон келүү, кыла билүү; **он хорошо́ уме́ет пла́вать** ал жакшы чабак ура билет; **я не уме́ю э́того де́лать** бул менин колумдан келбейт.

**УМЕЩА'ТЬ** *несов. см.* **умести́ть.**

**УМЕЩА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **умести́ться;** 2. *страд. к* **умеща́ть.**

**УМЕ'ЮЧИ** *нареч. разг.* ыгын билип, ыгын таап; **де́лать** *что-л.* **уме́ючи** *бир нерсенин* ыгын билип иштей алуу.

**УМИЛЕ'НИЕ** *ср.* элжирөө, ичи жылуу, боор эзилүү; **он с умиле́нием смотре́л на дете́й** ал балдарга ичи жылып карады.

**УМИЛЁННО** *нареч.* элжиреп, ичи жылып; **умилённо улыба́ться** элжиреп жылмайып күлүү.

**УМИЛЁННЫЙ**, -ая, -ое 1. *прич. от* **умили́ть;** 2. *прил.* элжиреген, ичи жылыган; **умилённая улы́бка** элжиреген жылмаюу.

**УМИЛИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое элжиретүүчү, ич жылытуучу, боор эзилтүүчү.

**УМИЛИ'ТЬ** *сов. кого-что* элжиретүү, ичин жылытуу, боорун эзилтүү.

**УМИЛИ'ТЬСЯ** *сов.* элжирөө, ичи жылуу, боору эзилүү.

**УМИ'ЛОСТИВИТЬ** *сов. кого-что, уст.* кайрымдуу кылуу, ырайымдуу кылуу.

**УМИ'ЛОСТИВИТЬСЯ** *сов. уст.* бооруоорун, аяп кетүү.

**УМИЛОСТИВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **уми́лостивить.**

**УМИЛОСТИВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уми́лостивиться;** 2. *страд. к* **умилостивля́ть.**

**УМИ'ЛЬНО** *нареч.* элжиреп, боору эзилип.

**УМИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*нежный, приятный*) жакшынакай, жагымдуу, элжиреген, көзгө жылуу көрүнгөн;

www.bizdin.kg

**умильное личико** жакшынакай өң; 2. *перен. разг.* (*льстивый, угодливый*) кошөкөрлөнгөн; **умильная улыбка** кошөкөрлөнгөн жылмаюу.

**УМИЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **умилить.**

**УМИЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **умилиться;** 2. *страд. к* **умилять.**

**УМИНА'ТЬ** *несов. см.* **умять.**

**УМИНА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **умяться;** 2. *страд. к* **уминать.**

**УМИРА'НИЕ** *ср.* өлүү, каза табуу, каза болуу.

**УМИРА'ТЬ** *несов. см.* **умереть;** ◇ **умирать от смеха (со смеху)** боору эзилгенче күлүү, ичегиси эзилгенче күлүү, боору катып күлүү; **умирать от скуки** аябай эригүү.

**УМИРА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **умирать;** 2. *прил.* өлүмчү; 3. *прил. перен.* батып бараткан; **умирающий день** батып бара жаткан күн; 4. *в знач. сущ. м., ж.* өлүүчү, көр оозундагы.

**УМИРОТВОРЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) тынчытуу, тынчуу; татуулашуу, татуулаштыруу, элдешүү, элдештирүү; 2. (*состояние*) тынчтык; **наступило полное умиротворение** толук тынчтык башталды.

**УМИРОТВОРИ'ТЬ** *сов. кого-что* тынчытуу, татуулаштыруу, элдештирүү; **умиротворить враждующих** касташкандарды татуулаштыруу.

**УМИРОТВОРИ'ТЬСЯ** *сов.* тынчуу, татуулашуу, элдешүү.

**УМИРОТВОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **умиротворить.**

**УМИРОТВОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **умиротвориться;** 2. *страд. к* **умиротворять.**

**УМНЕ'ТЬ** *несов.* акыл кирүү, акыл кире баштоо, акылдуу боло баштоо, эс кирүү.

**У'МНИК** *м.* 1. *разг.* (*умный ребёнок*) акылдуу, эстүү; 2. *ирон.* акылдуусунган, эстүүсүнгөн.

**У'МНИЦА** *разг.* 1. *женск. р. к* **умник** 1; 2. *м. и ж.* (*умный человек*) акылдуу киши, эстүү; **он — большой умница** ал абдан акылдуу киши.

**У'МНИЧАТЬ** *несов. разг. ирон.* акылдуусунуу, эстүүсүнүү, билгичсинүү.

**У'МНО** *нареч.* акылдуулук менен, эстүүлүк менен.

**УМНОЖА'ТЬ** *несов. см.* **умножить.**

**УМНОЖА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *мат.* көбөйтүлүү, арттырылуу; 2. (*увеличиваться*) көбөйүү, көбөйүп жатуу, артуу; **колхозные стада умножаются с каждым годом** колхоздун малы жылдан жылга көбөйүп жатат; 3. *страд. к* **умножать.**

**УМНОЖЕ'НИЕ** *ср.* 1. *мат.* көбөйтүү, арттыруу; **таблица умножения** көбөйтүү таблицасы; 2. (*увеличение*) көбөйүү, көбөйтүү, артуу, арттыруу.

**УМНО'ЖИТЬ** *сов. что* 1. *мат.* көбөйтүү, арттыруу; 2. (*увеличить*) көбөйтүү, арттыруу; **умножить ряды передовиков производства** өндүрүштүн алдыңкыларынын катарын көбөйтүү.

**УМНО'ЖИТЬСЯ** *сов. см.* **умножаться** 1, 2.

**У'МНЫЙ,** -ая, -ое акылдуу, эстүү; **умный человек** акылдуу киши, эстүү киши.

**УМОЗАКЛЮЧА'ТЬ** *несов. см.* **умозаключить.**

**УМОЗАКЛЮЧЕ'НИЕ** *ср.* ой корутунду, ой корутуу; **сделать правильное умозаключение** туура ой корутунду жасоо.

**УМОЗАКЛЮЧИ'ТЬ** *сов. что* ой корутуу.

**УМОЗРЕ'НИЕ** *ср. филос.* умозрение (*ой жүргүзүү, кыялдануу жолу менен түзүлгөн пикир; абстракттуу ой жоруу*).

**УМОЗРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* умозрительность (*ой жүгүртүү, кыялдануу жолу менен пикир түзүүчүлүк, ой жүгүрткөндүк*).

**УМОЗРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое умозрительный (*ой жүгүртүүгө негизделген, абстракттуу*).

**УМОИССТУПЛЕ'НИЕ** *ср.* акылдан ажырагыча жаалдануу, долулануу.

**УМОЛИ'ТЬ** *сов. кого* жалынып-жалбарып көндүрүү; **я еле умолил его пойти с нами** аны биз менен бирге барууга арандан-зорго жалынып-жалбарып көндүрдүм.

**У'МОЛК** *м.*: **говорить без умолку** жаагы басылбай (тынбай) сүйлөө.

**УМОЛКА'ТЬ** *несов. см.* **умолкнуть.**

**УМО'ЛКНУТЬ** *сов.* басылуу, үнчукпай калуу, тынчуу.

**УМОЛО'Т** *м.* түшүм (*бастыргандагы эгиндин түшүмү, даны, кызылы*); **высокий умолот** мол түшүм.

**УМОЛЧА'НИЕ** *ср.* үнчукпай коюу, жашырып айтпай коюу.

**УМОЛЧА'ТЬ** *сов.* үнчукпай коюу, жашырып айтпай коюу; **о своей встрече он умолчал** ал өзүнүн кезигишкендиги жөнүндө жашырып айтпай койду.

**УМОЛЯ'ТЬ** *несов. кого-что* сурануу, тиленүү, жалынып суроо, жалынып-жалбаруу.

**УМОЛЯ'ЮЩЕ** *нареч.* жалдырап, жалынычтуу түрдө.

**УМОЛЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **умолять;** 2. *прил.* тиленген, жалдыраган.

**УМОНАСТРОЕ'НИЕ** *ср.* акылдын (ойдун, таламдардын) багыттуулугу.

**УМОПОМЕША'ТЕЛЬСТВО** *ср.* акылдан адашуу, жинди болуу.

**УМОПОМРАЧЕ'НИЕ** *ср. уст. см.* **умопомешательство;** ◇ **до умопомрачения** *разг.* эң эле, өтө эле, барып турган.

**УМОПОМРАЧИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *разг.* акылдан адаштырарлык, эстен тандырарлык; **умопомрачительный успех** эң эле зор жетишкендик (ийгилик).

**УМО'РА** *ж. нескл. в знач. сказ., разг.*: **слушать его — прямо умора!** аны угуп отуруу — өзүнчө эле жаткан бир күлкү!

**УМОРИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* күлдүрөрлүк, күлөрлүк, күлкү, боор катарлык.

**УМОРИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* күлөрлүк, боор катып күлөрлүк.

**УМОРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое күлөрлүк, боор катып күлөрлүк.

**УМОРИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* 1. (*погубить*) ууландырып өлтүрүү, кыруу; 2. (*утомить*) жабыктыруу, жүдөтүү, эзип жиберүү, алсыратуу; 3. (*сильно насмешить*) аябай күлдүрүү; **он уморил меня своим рассказом** ал өзүнүн сөзү менен менин боорумду катырды.

**УМОРИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*утомиться*) абдан чарчоо, жабыгуу, жүдөө, чүнчүү, алсыроо; **я сегодня очень уморился** мен бүгүн аябай алсырадым.

**умру, умрёшь** *и т. д. буд. вр. от* **умереть.**

**У'МСТВЕННО** *нареч.* акыл жагынан, эс жагынан; **умственно отсталый** акыл жагынан артта калган.

**У'МСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое ум 1-ге *т.*; **работник умственного труда** акыл эмгегинин кызматкери; **умственная деятельность** акыл иши.

**У'МСТВОВАТЬ** *несов. ирон.* курулай ой жүгүртө берүү, курулай кыялдануу; **не умствовать зря** курулай ой жүгүртө бербөө.

**УМУДРЁННОСТЬ** *ж.* даанышмандык, көптү көргөндүк, тажрыйбалуулук.

**УМУДРЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **умудрить;** 2. *прил.* көптү көргөн (билген); **умудрённый опытом** тажрыйбадан көптү көргөн.

**УМУДРИ'ТЬ** *сов. разг.* акылдуу (эстүү) кылуу, акылына акыл кошуу; **опыт умудрил его** тажрыйба анын акылына акыл кошту.

**УМУДРИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* айласын табуу, эбин табуу.

**УМУДРЯ'ТЬ** *несов. см.* **умудрить.**

**УМУДРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **умудриться;** 2. *страд. к* **умудрять.**

**УМЧА'ТЬ** *сов. кого-что* зуулдатып (ала качып, учуруп) алып жөнөө; **кони умчали их** аттар аларды зуулдатып алып жөнөдү.

www.bizdin.kg

**УМЧА'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*быстро убежать, уехать*) зуулдап жөнөө; **кони умчались** аттар зулдап жөнөштү; **2.** *перен.* (*промелькнуть — о времени*) зуулдап (зырылдап) өтүү, зуулдап (зырылдап) өтүп кетүү; **юность умчалась** жаштык зуулдап өтүп кетти.

**УМЫВА'ЛЬНАЯ** *ж. см.* **умывальный** 2.

**УМЫВА'ЛЬНИК** *м.* умывальник, жуунгуч.

**УМЫВА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **1.** жуунуучу, жуунууга керектүү; **умывальный таз** жуунуучу чылапчын; **умывальные принадлежности** жуунууга керектүү нерселер (*самын, порошок, сүлгү ж. б.*); **2.** *в знач. сущ. ж.* жуунуучу бөлмө.

**УМЫВА'ЛЬНЯ** *ж. разг. см.* **умывальный** 2.

**УМЫВА'НИЕ** *ср.* жууш, жуунуу, жуундуруу.

**УМЫВА'ТЬ** *несов. см.* **умыть.**

**УМЫВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **умыться; 2.** *страд. к* **умывать.**

**УМЫКА'НИЕ** *ср. этн.* кыз ала качуу.

**УМЫКА'ТЬ** *несов. кого, этн.* кыз ала качуу.

**У'МЫСЕЛ** *м.* ниет, ой, пикир; **злой умысел** арам ой; **с умыслом** кара ниеттик менен.

**УМЫ'ТЬ** *сов. кого-что* жуу, жуундуруу; **умыть лицо** бет жуу, **умыть ребёнка** баланы жуундуруу.

**УМЫ'ТЬСЯ** *сов.* жуунуу.

**УМЫ'ШЛЕННО** *нареч.* атайы, биле туруп, касакана.

**УМЫ'ШЛЕННЫЙ**, -ая, -ое атайы, биле туруп кылган, касакана.

**УМЫШЛЯ'ТЬ** *несов. что, уст.* ниетти бузуу, жаман пикирде болуу.

**УМЯ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*уложить приминая*) басырылтуу; **умять сено** чөптү басырылтуу; **2.** (*размять*) жууруу, эзүү; **умять глину** ылай эзүү.

**УМЯ'ТЬСЯ** *сов.* (*примяться*) басырылуу.

**УНАВО'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **унавозить.**

**УНАВО'ЗИТЬ** *сов. что* кыктоо (*кык менен жер семиртүү*).

**УНАСЛЕ'ДОВАТЬ** *сов. что* **1.** энчи алуу, энчиге ээ болуу, мураска ээ болуу; **2.** тукум кууп бир касиетке ээ болуу, тартуу (*энесин, атасын*).

**УНЕСТИ'** *сов.* **1.** *кого-что* (*взять с собой*) алып кетүү; **он унёс мою книгу** ал менин китебимди алып кетти; **2.** *что, перен.* (*отнять, поглотить*) алуу, алып коюу; **заботы унесли много здоровья** түйшүк ден соолуктун көбүн алып койду; **3.** *что* (*переместить, увлечь*) учуруп (агызып) кетүү, айдап кетүү; **лодку унесло ветром** кайыкты шамал айдап кетти; **4.** *кого-что* (*украсть*) уурдап алуу; ◇ **еле ноги унести** араң качып кутулуу.

**УНЕСТИ'СЬ** *сов.* **1.** *разг.* (*убежать*) чымын-куюн болуп кетүү, өтө тез кетүү; **2.** *перен.* (*миновать, исчезнуть*) түгөнүү, жок болуп кетүү; **3.** *перен.* (*мысленно*) чаргуу; **он унёсся далеко в своих мечтах** кыялданып, анын ою далай жерге чаргыды.

**УНИВЕРМА'Г** *м.* (универсальный магазин) универмаг (универсалдык магазин).

**УНИВЕРСА'Л** *м.* универсал (*ар түрдүү специальностту билген адам*); **токарь-универсал** универсал токарь.

**УНИВЕРСА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* универсалдуулук; **универсальность знаний** билиминин универсалдуулугу.

**УНИВЕРСА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*разносторонний*) универсал, универсалдуу, универсалдык (*түрдүү жактуу; ар түрдүү нерсени өз ичине алган*); **универсальный магазин** универсалдык магазин; **универсальный человек** универсал адам; **2.** (*с разнообразным назначением*) универсал (*түрдүү максатка жарай турган*); **универсальное средство** универсал каражат; **универсальный инструмент** универсал аспап.

**УНИВЕРСИТЕ'Т** *м.* университет; **Киргизский государственный университет** Кыргыз Мамлекеттик университети.

**УНИВЕРСИТЕ'ТСКИЙ**, -ая, -ое **университет**-*ке т.*; университеттик; **получить университетское образование** университеттик маалымат алуу.

**УНИЖА'ТЬ** *несов. см.* **унизить.**

**УНИЖА'ТЬСЯ** *несов. см.* **унизиться.**

**УНИЖЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) кемситүү, кемсинтүү, кемитүү, кордоо, басынтуу; **2.** (*оскорбление, умаление достоинства*) кордоо, кордук, ызалоо.

**УНИ'ЖЕННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **унизить; 2.** *прил.* (*угнетённый*) кемситилген, кордолгон; **3.** *прил.* (*смиренный*) кемсинген, басынган.

**УНИЖЁННЫЙ**, -ая, -ое *см.* **униженный** 2.

**УНИЗА'ТЬ** *сов. что* жыш бастыруу, жыш тигип бастыруу, жыш толуу; **унизать жемчугом** бермет менен жыш бастыруу; **небо было унизано звёздами** асман жылдыздар менен жыш толгон.

**УНИЗИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* кемсинткендик, кордогондук, төмөнсүткөндүк.

**УНИЗИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое кемситкен, төмөнсүткөн, кордогон.

**УНИ'ЗИТЬ** *сов. кого* кемситүү, төмөнсүтүү, кордоо.

**УНИ'ЗИТЬСЯ** *сов.* кемсинүү, төмөнсүнүү.

**УНИ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **унизать.**

**УНИКА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое уникальный (*өтө сейрек учуроочу; бир гана экземплярда учуроочу*); **уникальное произведение искусства** искусствонун уникальный чыгармасы.

**У'НИКУМ** *м.* уникум (*өтө сейрек учуроочу, бир гана экземплярда кезигүүчү, окшошу жок нерсе*).

**УНИМА'ТЬ** *несов. см.* **унять.**

**УНИМА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **уняться; 2.** *страд. к* **унимать.**

**УНИСО'Н** *м. муз.* унисон (*түрдүү үн, тыбыштардын бирдей бийиктиктеги үндөштүгү*); **петь в унисон** 1) унисон менен ырдоо; 2) *перен.* бирөөнүн айтканын же оюн кайталап ырастап туруу.

**УНИТА'З** *м.* унитаз (*даараткананын отуруп даарат ушатуучу идиши*).

**УНИТА'РНЫЙ**, -ая, -ое унитардык (*бириккен, бириктирүүчү*).

**УНИФИКА'ЦИЯ** *ж.* унификация, унификациялоо (*бир түргө келтирүү*); **унификация правописания** жазуу эрежелерин унификациялоо.

**УНИФИЦИ'РОВАННЫЙ**, -ая, -ое **1.** *прич. от* **унифицировать; 2.** *прил.* унификацияланган.

**УНИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* унификациялоо (*бир түргө келтирүү, турпатташтыруу*).

**УНИФИЦИ'РОВАТЬСЯ** **1.** *сов. и несов.* унификациялануу (*бир түргө келүү*); **2.** *несов. страд.* **к унифицировать.**

**УНИЧИЖА'ТЬ** *несов. уст. см.* **унизить.**

**УНИЧТОЖА'ТЬ** *несов. см.* **уничтожить.**

**УНИЧТОЖА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **уничтожиться; 2.** *страд. к* **уничтожать.**

**УНИЧТОЖА'ЮЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **уничтожать; 2.** *прил.* (*губительный*) жоюучу, курутуучу, жок кылуучу; **3.** *прил. перен.* (*выражающий презрение, ненависть*) өтө жек көргөн, жеп жиберүүчүдөй; **уничтожающий взгляд** жеп жиберүүчүдөй болгон көз караш.

**УНИЧТОЖЕ'НИЕ** *ср.* жоюу, курутуу, жок кылуу, жокко чыгаруу; **уничтожение эксплуатации** эксплуатацияны жоюу.

**УНИЧТО'ЖИТЬ** *сов. кого-что* жоюу, курутуу, жок кылуу.

**УНИЧТО'ЖИТЬСЯ** *сов.* жоюлуу, куруу, жок кылынуу.

**У'НИЯ** *ж. ист.* уния (*бирикме*).

**УНО'С** I *м.* (*действие*) сүйрөп кетүү, алып кетүү.

**УНО'С** II *м. воен.* катар чегилген эки ат (*артиллерияда кошу менен чегилген төрт аттын алдыңкы эки аты*).

**УНОСИ'ТЬ** *несов. см.* **унести.**

www.bizdin.kg

**УНОСИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **унестись;** 2. *страд. к* **уносить.**

**У'НТЕР** *м. разг. см.* **унтер-офицер.**

**У'НТЕР-ОФИЦЕ'Р** *м. уст.* унтер-офицер (*армияда кенже командалык составдагы киши*).

**У'НТЫ** *мн.* (*ед.* **унта** *ж.*) унты (*жүнү сыртына каратып териден тигилген өтүк*).

**У'НЦИЯ** *ж.* унция (1. *уст. Россияда — 29, 86 граммга барабар болгон аптекалык өлчөө;* 2. *метр системасы киргизилгенге чейин ар кайсы өлкөлөрдө колдонулуп келген ар түрдүү салмактарды өлчөөнүн аты*)

**УНЫВА'ТЬ** *несов.* кайгыруу, муңаюу, жылдызы түшүү, ындыны өчүү.

**УНЫ'ЛО** *нареч.* кайгырып, муңайып, жылдызы түшүп, ындыны өчүп.

**УНЫ'ЛЫЙ,** -ая, -ое кайгылуу, маанайы бас, кабагы түшүңкү, муңдуу; **унылый человек** маанайы бас киши; **унылая песня** муңдуу ыр.

**УНЫ'НИЕ** *ср.* кайгы; кайгыруу, муңаюу, муң басуу, жылдызы түшүү, кабак түшүү, көңүл чөгөттүк.

**УНЯ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*успокоить*) сооротуу, басылтуу, тынчытуу; **унять детей** балдарды сооротуу; 2. *что, разг.* (*прекратить, остановить*) басуу, басылтуу, токтотуу, тыюу; **унять слёзы** көз жашын токтотуу (тыюу); 3. *что, перен.* (*подавить, сдержать*) басуу, токтотуу, тыюу, тыюу салуу; **унять боль** ооруганын басуу.

**УНЯ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*успокоиться*) сооронуу, жоошуу; **ребёнок унялся и заснул** бала сооронуп, уктап калды; 2. *разг.* (*прекратиться*) басылуу, токтолуу; **боль унялась** оору басылды.

**УПА'ВШИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **упасть;** 2. *прил.* (*слабый*) начар, **говорить упавшим голосом** араң-араң эле чыккан үн менен сүйлөө.

**УПА'Д** *м. разг.*; **до упаду** боору эзилгенче, ичегиси катканча, жыгылгыча; **смеяться до упаду** ичеги катканча күлүү.

**УПА'ДОК** *м.* 1. (*состояние развала, разложения*) түшүү, начарлоо, кемүү; 2. (*состояние ослабления*) начарлоо; **у больного упадок сил** оорунун күчү кетип начарлады.

**УПА'ДОЧНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое ындыны өчкөн, үмүтсүздүккө берилген.

**УПА'ДОЧНИЧЕСТВО** *ср.* ындыны өчкөндүк, үмүтсүздүккө берилгендик.

**УПА'ДОЧНЫЙ,** -ая, -ое ындыны өчкөн, үмүтсүздүккө берилген.

**УПАКОВА'ТЬ** *сов. что* упаковкалоо, жайлаштырып салып бекитүү, салуу (*товарды, буюмду бир жакка жөнөтүү үчүн ящикке салуу же байлоо*); **упаковать книги в ящик** китептерди ящикке упаковкалоо.

**УПАКОВА'ТЬСЯ** *сов.* упаковкалануу, упаковкалап алуу, жайлаштырып салынып бекитилүү; **он уже упаковался** ал упаковкалап алды.

**УПАКО'ВКА** *ж.* 1. упаковка, упаковкалоо; **упаковка заняла немного времени** упаковкалоо бир аз убакытты алды; 2. (*упаковочный материал*) упаковка (*упаковка материалы*); **прочная упаковка** бышык упаковка.

**УПАКО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. **упаковка**-*га т.*; **упаковочный материал** упаковка материалы; 2. *в знач. сущ. ж.* буюмду упаковкалоочу жай.

**УПАКО'ВЩИК** *м.* упаковщик, упаковкалоочу.

**УПАКО'ВЩИЦА** *женск. р. к* **упаковщик.**

**УПАКО'ВЫВАТЬ** *несов. см.* **упаковать.**

**УПАКО'ВЫВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **упаковаться;** 2. *страд. к* **упаковывать.**

**УПА'РИВАТЬ** *несов. см.* **упарить.**

**УПА'РИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **упариться;** 2. *страд. к* **упаривать.**

**УПА'РИТЬ** *сов.* 1. *что* (*обработать паром, сварить на пару*) парлоо, буулоо, буулап иштетүү, бууга бышыруу, демдеп бышыруу; 2. *кого, разг.* (*измучить*) кара терге түшүрүү.

**УПА'РИТЬСЯ** *сов.* 1. (*свариться*) бууга бышуу, парга бышуу, демдеп бышыруу; **каша упарилась** ботко демделип бышты (бууга бышты); 2. *разг.* (*измучиться*) кара терге түшүү.

**УПАСТИ'** *сов. кого-что, прост.* сактоо, сактап калуу, куткаруу, куткарып калуу; ◇ **упаси бог** *разг. уст.* кудай сактайкөр.

**УПАСТИ'СЬ** *сов. прост.* аман калуу, кутулуп калуу.

**УПА'СТЬ** *сов.* 1. жыгылуу, түшүү; **упасть с лошади** аттан жыгылуу; **яблоко упало на землю** алма жерге түштү; **тень упала на дорогу** жолго көлөкө түштү; 2. (*снизиться*) түшүү, төмөндөө, арзандоо, ылдыйлоо; **цены упали** баа (нарк) арзандады; ◇ **сердце у меня упало** жүрөгүм болк эте түштү, үрөйүм учту; **упасть в обморок** эсинен (эстен) тануу, эси оош; **упасть духом** көңүл чөгөт болуу, жылдызы түшүү.

**УПЁК** *м.* (*убыль при выпечке* ) упёк (*бышкандан кийин камырдын салмагынын азайышы*).

**УПЕКА'ТЬ** *несов. см.* **упечь.**

**УПЕКА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **упечься;** 2. *страд. к* **упекать.**

**УПЕРЕ'ТЬ** *сов. что* такоо, таканчыктоо, тирөө; **упереть ноги в землю** бутту жерге такоо.

**УПЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* 1. таянуу, такоо, таканчыктоо, такалуу, тирелүү; 2. *разг.* (*заупрямиться*) кыйыктануу, тартынуу, кежеңдөө, көшөрүү; **он упёрся на своём** ал көшөрүп, өз оюндагысын бербей койду.

**УПЕ'ЧЬ** *сов.* 1. *что* (*выпечь до готовности*) бышыруу, абдан бышырып алуу (*мис. нанды*); 2. *кого, перен. разг.* (*отправить против воли*) алыс жерге кетирип жиберүү.

**УПЕ'ЧЬСЯ** *сов.* бышуу, абдан бышуу (*мис. нан*).

**УПИВА'ТЬСЯ** *несов. см.* **упиться.**

**УПИРА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **упереть;** 2. *на что, перен. разг.* (*указывать*) таёо; шылтоону айтып туруу; **он упирает на то, что у него было мало времени** ал убактым аз болуп калды деген шылтоону айтып туруп алды.

**УПИРА'ТЬСЯ** *несов. см.* **упереться;** ◇ **упираться руками и ногами** көшөрүп эле каршы болуп, көнбөй коюу.

**УПИСА'ТЬ** I *сов. что, разг.* (*уместить*) батырып жазуу, сыйдырып жазуу; **уписать письмо на одной страничке** катты бир эле бетке батырып жазуу.

**УПИСА'ТЬ** II *сов. что, разг.* (*съесть*) алпылдатып жеш, кайсап жеш.

**УПИСА'ТЬСЯ** *сов. разг.* (*уместиться*) батып жазылуу, батырылып жазылуу, сыйып жазылуу; **весь доклад уписался на нескольких страницах** бүт доклад бир нече бетке эле батырылып жазылды.

**УПИ'СЫВАТЬ** *несов. см.* **уписать** II.

**УПИ'ТАННОСТЬ** *ж.* семиздик, болуктук.

**УПИ'ТАННЫЙ,** -ая, -ое семиз, болук; **упитанный ребёнок** болук бала.

**УПИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. *разг.* (*напиться допьяна*) аябай ичип мас болуу; 2. *перен.* (*насладиться*) үзүрүн көрүү, ыракаттануу, жыргоо; **упиться музыкой** музыка угуп ыракаттануу.

**УПЛА'ТА** *ж.* төлөө, төлөм; **уплата долга** карызды төлөө.

**УПЛАТИ'ТЬ** *сов. что* төлөө.

**УПЛА'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **уплатить.**

**УПЛЕСТИ'** *сов. что, разг.* алпылдатып жеш, кайсап жеш.

**УПЛЕТА'ТЬ** *несов. см.* **уплести.**

**УПЛОТНЕ'НИЕ** *ср.* 1. тыгыздоо, тыгыздалуу; **уплотнение почвы** топуракты тыгыздоо; 2. (*дополнительное заселение*) сыйлыгышуу, сыйлыгыштыруу (*мис. квартирага кошумча киши коюу*); 3. *перен.* (*заполнение*) тыгыздандыруу, тыгыздаштыруу; **уплотнение рабочего дня**

www.bizdin.kg

жумуш күнүн тыгыздандыруу (*жумуш күнүн өтө өнүмдүү түрдө пайдалануу*).

**УПЛОТНИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* тыгыздоочу.

**УПЛОТНИ'ТЬ** *сов.* 1. *что* (*сделать более плотным*) тыгыздоо; **уплотни́ть по́чву** топуракты тыгыздоо; 2. *кого-что, перен.* (*заселить плотнее*) сыйлыгыштыруу; **уплотни́ть жилу́ю пло́щадь** турак аянтты сыйлыгыштыруу; 3. *что, перен.* (*заполнить целиком*) тыгыздаштыруу, тыгыздандыруу; **уплотни́ть рабо́чий день** жумуш күнүн тыгыздандыруу (*жумуш күнүн өтө өнүмдүү түрдө пайдалануу*).

**УПЛОТНИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*стать более плотным*) тыгыздалуу, тыгыздандырылуу; 2. *перен.* (*поселиться плотнее*) сыйлыгыштырылуу, сыйлыгыштырылып батыштырылуу; 3. *перен.* (*заполниться*) тыгыздалуу (*мис. жумуш күнү*).

**УПЛОТНЯ'ТЬ** *несов. см.* **уплотни́ть.**

**УПЛОТНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уплотни́ться;** 2. *страд. к* **уплотня́ть.**

**УПЛЫВА'ТЬ** *несов. см.* **уплы́ть.**

**УПЛЫ'ТЬ** *сов.* 1. сүзүп кетүү, жөнөп кетүү, чабак уруп кетүү, агып кетүү; **парохо́д уплы́л ра́но у́тром** пароход эртең менен эрте жөнөп кетти; **бревно́ уплыло́** дөңгөч агып кетти; 2. *перен. разг.* (*пройти, миновать*) өтүү; **уплы́л ещё год** дагы бир жыл өттү; 3. *перен. разг.* (*исчезнуть, израсходоваться*) жоголуу, жок болуу; **де́ньги уплы́ли в оди́н день** акча бир күндө жок болду.

**УПОВА'НИЕ** *ср. уст.* үмүт, үмүттөнүү, үмүт кылуу, бел байлоо.

**УПОВА'ТЬ** *несов. на кого-что, уст.* үмүттөнүү, үмүт кылуу, бел байлоо.

**УПОДО'БИТЬ** *сов. кого-что* окшотуу, окшоштуруу.

**УПОДО'БИТЬСЯ** *сов.* окшошуу, окшоштурулуу.

**УПОДОБЛЕ'НИЕ** *ср.* окшотуу, окшошуу, окшоштурулуу.

**УПОДОБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **уподо́бить.**

**УПОДОБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уподо́биться;** 2. *страд. к* **уподобля́ть.**

**УПОЕ'НИЕ** *ср.* ыракат, үзүр; **он с упое́нием слу́шал му́зыку** ал музыканы ыракаттанып укту.

**УПОИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое ыракаттандырарлык, эң сонун, үзүрдөнтөрлүк, жыргатарлык; жыргалдуу.

**УПОЛЗА'ТЬ** *несов. см.* **уползти́.**

**УПОЛЗТИ'** *сов.* сойлоп кетүү, сойлоп кирип кетүү, эмгектеп кетүү, өрмөлөп кетүү, жөргөлөп кетүү; **змей уползла́ в траву́** жылан чөптүн арасына сойлоп кирип кетти.

**УПОЛНОМО'ЧЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **уполномо́чить;** 2. *в знач. сущ. м.* (*доверенное лицо*) уполномоченный, өкүл.

**УПОЛНОМО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **уполномо́чить.**

**УПОЛНОМО'ЧИЕ** *ср. офиц.* уполномочие (*бирөө тарабынан ишенип берилген укук, өкүлдүк*); **по уполномо́чию** уполномочие боюнча.

**УПОЛНОМО'ЧИТЬ** *сов. кого-что* уполномочие берүү, укук берүү, өкүлдүк берүү; **уполномо́чить посла́ подписа́ть торго́вый догово́р** посолго соода келишимине кол коюуга укук берүү.

**УПОЛО'ВНИК** *м. обл.* чөмүч, сузгу.

**УПОМИНА'НИЕ** *ср.* эскертүү, айтуу, эске түшүрүү, айта өтүү, сөзгө ала кетүү; **при упомина́нии об э́том он рассмея́лся** бул жөнүндө айткан кезде, ал күлүп жиберди.

**УПОМИНА'ТЬ** *несов. см.* **упомяну́ть.**

**УПО'МНИТЬ** *сов. кого-что, разг.* эсте тутуу; **всего́ не упо́мнишь** бардыгын эсте тута албайсың.

**УПОМЯ'НУТЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **упомяну́ть;** 2. *прил.* айтылып өтүлгөн; аты аталган.

**УПОМЯНУ'ТЬ** *сов. кого-что, о ком-чём* айтып өтүү, көрсөтүп өтүү.

**УПО'Р** *м.* 1. такоо, тирөө, таяныч; **то́чка упо́ра** таяныч точкасы; 2. (*подпорка*) таёо, таяныч, такачык; ◇ **вы́стрелить в упо́р** жапжакын туруп тике атуу; **смотре́ть в упо́р** бетине тик кароо; **сказа́ть в упо́р** бетине баса айтуу; **де́лать упо́р** басым жасоо, басым коюу, өзгөчө көңүл буруу.

**УПО'РНО** *нареч.* токтобостон, туруктуулук менен, үзбөстөн, бет алган ишинен кайтпастан.

**УПО'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. туруктуу; бет алган ишинен кайтпаган, көк, кара көк; **упо́рный челове́к** бет алган ишинен кайтпаган киши; **упо́рная борьба́** тайманбаган күрөш; **упо́рное сопротивле́ние** туруктуу каршылык көрсөтүү; 2. **упор** 2-ге *m.*; **упо́рный шест** такачык таяк.

**УПО'РСТВО** *ср.* туруктуулук, кажырдуулук, өз дегенинен кайтпоочулук (*настойчивость*); көктүк, кара көктүк (*упрямство*).

**УПО'РСТВОВАТЬ** *несов.* өз дегенинде туруу, көктүк кылуу, кара көктүк кылуу; **упо́рствовать в свои́х тре́бованиях** өз талаптарын иш жүзүнө ашырууга кажырдуулук кылуу.

**УПОРХНУ'ТЬ** *сов.* 1. (*улететь*) бырпырап учуп кетүү, бырп этип учуп кетүү; **пти́чка упорхну́ла в сад** чымчык бырп этип бакка учуп кетти; 2. *перен.* (*легко убежать*) жеңил чуркап кетүү.

**УПОРЯ'ДОЧЕНИЕ** *ср.* тартипке келтирүү, тартипке салуу, иретке салуу, жөнгө салуу.

**УПОРЯ'ДОЧИВАТЬ** *несов. см.* **упоря́дочить.**

**УПОРЯ'ДОЧИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **упоря́дочиться;** 2. *страд. к* **упоря́дочивать.**

**УПОРЯ'ДОЧИТЬ** *сов. что* тартипке келтирүү, тартипке салуу, иретке салуу, жөнгө салуу.

**УПОРЯ'ДОЧИТЬСЯ** *сов.* тартипке салынуу, иретке салынуу, жөнгө салынуу.

**УПОТРЕБИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж.* колдонулгучтук, жумшалгычтык.

**УПОТРЕБИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое колдонулуучу; **э́то сло́во о́чень употреби́тельно** бул сөз эң эле көп колдонулат.

**УПОТРЕБИ'ТЬ** *сов. кого-что* колдонуу, пайдалануу, жумшоо; **употреби́ть в де́ло** ишке жумшоо; **употреби́ть свобо́дное вре́мя для чте́ния** бош убакытты окууга жумшоо.

**УПОТРЕБЛЕ'НИЕ** *ср.* колдонуу, колдонулуу, пайдалануу, пайдаланылуу, жумшоо, жумшалуу; **войти́ в употребле́ние** колдонула баштоо; **вы́йти из употребле́ния** колдонуудан чыгып калуу; **в большо́м употребле́нии** өтө көп колдонулууда.

**УПОТРЕБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **употреби́ть.**

**УПОТРЕБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. (*быть употребляемым*) колдонулуу, пайдаланылуу, жумшалуу; **стрептомици́н употребля́ется при лече́нии туберкулёза** стрептомицин туберкулёзду дарылоодо колдонулат; 2. *страд. к* **употребля́ть.**

**УПРА'ВА** *ж.* 1. *разг.* кемеч, дабаа; **найти́ упра́ву** кемечин табуу; **на него́ нет упра́вы** ага дабаа жок; 2. *ист.* (*учреждение*) управа; **городска́я упра́ва** шаардык управа; **зе́мская упра́ва** земстволук управа.

**УПРАВДЕ'Л** *м.* (управля́ющий дела́ми) иш башкаруучу.

**УПРАВДЕЛА'МИ** *м. см.* **управде́л.**

**УПРАВДО'М** *м.* (управля́ющий до́мом) управдом (*үй башкаруучусу*).

**УПРА'ВИТЬСЯ** *сов. с кем-чем, разг.* 1. (*кончить работу, справиться*) бүтүрүү, бүтүрө салуу; **упра́виться с дела́ми** ишти иштеп бүтүрүү; 2. (*одолеть*) шаа келүү, шаа жетүү; **с ним ника́к не упра́вишься** ага шаа жетпейт.

**УПРАВЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*напр. самолётом*) жүргүзүү, айдоо; 2. (*руководство*) башкаруу, жүргүзүү; **управле́ние госуда́рством** мамлекетти башкаруу; **управле́ние бо́ем** согушту башкаруу; **о́рганы управле́ния** башкаруу органдары; 3. (*учреждение*) башкаруу, башкарма; **управ-**

www.bizdin.kg

**ле́ние дела́ми** иш башкаруу; **Центра́льное куро́ртное управле́ние** Борбордук курорт башкармасы; **4.** *грам.* башкаруу; **предло́жное управле́ние** предлог башкаруусу.

**УПРАВЛЕ'НЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **управление** 3-*кө т.*; **управле́нческий аппара́т** башкаруу аппараты.

**УПРАВЛЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* башкарууга боло тургандык, башкаруунун оор-жеңилдиги.

**УПРАВЛЯ'ТЬ** *несов.* **1.** *кем-чем* (*напр. автомобилем*) жүргүзүү, айдоо; **управля́ть автомобилем** автомобилди айдоо; **2.** *кем-чем* (*руководить*) башкаруу, жүргүзүү; **управля́ть госуда́рством** мамлекетти башкаруу; **управля́ть хозя́йством** чарбаны жүргүзүү; **управля́ть орке́стром** оркестрди башкаруу; **3.** *чем, грам.* башкаруу.

**УПРАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **упра́виться; 2.** *страд. к* **управля́ть.**

**УПРАВЛЯ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **управля́ть; 2.** *в знач. сущ. м.* башкаруучу; **управля́ющий до́мом** үй башкаруучусу.

**УПРАЖНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) көнүгүү, көнүктүрүү, машыгуу, машыктыруу; **2.** (*задание*) упражнение, көнүгүү; **сбо́рник упражне́ний по правописа́нию** туура жазууга көнүгүү боюнча жыйнак, туура жазууга көнүгүү жыйнагы; **гимнасти́ческие упражне́ния** гимнастикалык упражнениелер.

**УПРАЖНЯ'ТЬ** *несов. что* көнүктүрүү, машыктыруу.

**УПРАЖНЯ'ТЬСЯ** *несов.* көнүгүү, машыгуу; **упражня́ться в иностра́нном языке́** чет тил боюнча көнүгүү; **упражня́ться на роя́ле** роялда көнүгүү.

**УПРАЗДНЕ'НИЕ** *ср.* жоюу, жок кылуу; **упраздне́ние ли́шней до́лжности** артык баш кызматты жоюу.

**УПРАЗДНИ'ТЬ** *сов. что* жоюу, жок кылуу.

**УПРАЗДНИ'ТЬСЯ** *сов.* жоюлуу, жок кылынуу.

**УПРАЗДНЯ'ТЬ** *несов. см.* **упраздни́ть.**

**УПРАЗДНЯ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **упраздни́ться; 2.** *страд. к* **упраздня́ть.**

**УПРА'ШИВАТЬ** *несов. см.* **упроси́ть.**

**УПРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **упре́ть.**

**УПРЁК** *м.* жеме, зекүү.

**УПРЕКА'ТЬ** *несов. кого-что* жемелөө, зекүү; **упрека́ть** *кого-л.* **в ску́пости** *биреөнү* сараңсың деп жемелөө.

**УПРЕКНУ'ТЬ** *сов. см.* **упрека́ть.**

**УПРЕ'ТЬ** *сов.* **1.** (*увариться*) демдөө, демделүү, дем жеп жетилүү (*мис. палоо*); **2.** *прост.* (*вспотеть*) көл-шал түшүп тердөө, кара терге түшүү.

**УПРОСИ'ТЬ** *сов. кого* жалынып-жалбарып көндүрүү.

**УПРОСТИ'ТЬ** *сов. что* **1.** (*сделать более простым*) жөнөкөйлөө, жөнөкөйлөтүү; **упрости́ть зада́чу** маселени (эсепти) жөнөкөйлөтүү; **2.** *перен.* (*представить проще, чем на самом деле*) жөнөкөйлөтүү, жөнөкөйлөштүрүп жиберүү; **упрости́ть мысль писа́теля** жазуучунун оюн жөнөкөйлөштүрүп жиберүү.

**УПРОСТИ'ТЬСЯ** *сов.* жөнөкөйлөнүү; **проце́сс рабо́ты упрости́лся** иш процесси жөнөкөйлөндү.

**УПРО'ЧЕНИЕ** *ср.* бекүү, бекитүү, бекемдөө, бекемделүү, чыңоо, чыңдалуу, мыктылоо, мыктылануу.

**УПРО'ЧИВАТЬ** *несов. см.* **упро́чить.**

**УПРО'ЧИТЬ** *сов. что* бекитүү, бекемдөө, чыңоо, мыктылоо; **упро́чить своё положе́ние** өз абалын бекемдөө.

**УПРО'ЧИТЬСЯ** *сов.* **1.** (*упрочить своё положение*) бекүү, бекемделүү, чыңдалуу, мыктылануу; **упро́читься на слу́жбе** кызматта бекүү; **2.** (*стать более прочным*) бекүү, чыңдалуу; **его́ положе́ние упро́чилось** анын абалы бекемделди; **3.** *за кем-чем, перен.* бекемделүү, мыктылануу.

**УПРОЩА'ТЬ** *несов. см.* **упрости́ть.**

**УПРОЩА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **упрости́ться; 2.** *страд. к* **упроща́ть.**

**УПРОЩЕ'НЕЦ** *м.* жөнөкөйлөштүрүүчү (*татаал милдеттерди, маселелерди чечүүгө үстүрт караган, иштин маанисине көңүл салбаган адам*).

**УПРОЩЕ'НИЕ** *ср.* **1.** жөнөкөйлөө, жөнөкөйлөнүү, жөнөкөйлөтүү, оңойлоо, оңойлонуу; **упроще́ние зада́чи** маселени (эсепти) жөнөкөйлөтүү; **2.** (*упрощённое устройство, способ и т. п.*) жөнөкөйлүк, **внести́ упроще́ния в констру́кцию самолёта** самолёттун конструкциясына жөнөкөйлүк киргизүү; **3.** *перен.* (*напр. мысли, смысла*) жөнөкөйлөтүү, оңойлотуу.

**УПРОЩЕ'НЧЕСКИЙ,** -ая, -ое орой жөнөкөйлөткүч, оңойлоткуч.

**УПРОЩЕ'НЧЕСТВО** *ср.* орой жөнөкөйлөтүүчүлүк

**УПРУ'ГИЙ,** -ая, -ое серпилгич (*ийилип калыбына келме; созулуп калыбына келме*); **упру́гая пружи́на** серпилгич пружина.

**УПРУ'ГОСТЬ** *ж.* серпилгичтик.

**УПРЯ'ЖКА** *ж.* **1.** (*лошади*) ат чегүү (*чанага, арабага*); **2.** *см.* **у́пряжь.**

**УПРЯЖНО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*идущий в упряжке*) чегилүүчү; **упряжно́й конь** чегилүүчү ат; **2. упряжь-***га т.*

**У'ПРЯЖЬ** *ж.* ат жабдыгы, араба жабдыгы (*дого, комыт ж. б.*), **ко́нская у́пряжь** ат жабдыгы.

**УПРЯ'МЕЦ** *м.* өжөр, көк, карышма, каршыгуучу, оюна келгенин бербеген.

**УПРЯ'МИТЬСЯ** *несов.* көгөрүү, карышуу, каршыгуу, өжөрлөнүү, оюна келгенин бербөө.

**УПРЯ'МО** *нареч.* көгөрүп, карышып, каршыгып, өжөрлөнүп, оюна келгенин бербей; **упря́мо не соглаша́ться** көгөрүп макул болбой коюу.

**УПРЯ'МСТВО** *ср.* көктүк, көгөрүүчүлүк, карышуучулук, каршыгуучулук, өжөрлүк.

**УПРЯ'МСТВОВАТЬ** *несов. см.* **упря́миться.**

**УПРЯ'МЫЙ,** -ая, -ое көк, карышма, каршыкма, өжөр, өзүнүкүн бербеген; **упря́мая голова́** *разг.* өжөр, өз дегенин бербеген

**УПРЯ'ТАТЬ** *сов. разг.* **1.** *кого-что* катуу, жашыруу, бекем бекитүү; **2.** *кого, перен.* камоо, камап коюу, камап салуу; **упря́тать в тюрьму́** түрмөгө камап салуу.

**УПРЯ'ТАТЬСЯ** *сов. разг.* жашырынуу, жашырылып калуу.

**УПРЯ'ТЫВАТЬ** *несов. см.* **упря́тать.**

**УПРЯ'ТЫВАТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **упря́таться; 2.** *страд. к* **упря́тывать.**

**УПУСКА'ТЬ** *несов. см.* **упусти́ть.**

**УПУСТИ'ТЬ** *сов.* **1.** *кого-что* (*выпустить, потерять*) качырып ийүү, качырып жиберүү, куткарып ийүү, куткарып жиберүү, колдон чыгарып ийүү; **упусти́ть коне́ц верёвки** жипгин учун колдон чыгарып ийүү; **упусти́ть ло́шадь** атты качырып жиберүү; **2.** *что, перен.* (*не использовать*) өткөрүп ийүү, өткөрүп жиберүү, колдон чыгарып ийүү, колдон чыгарып жиберүү; **упусти́ть удо́бный моме́нт** ыңгайлуу кырдаалды өткөрүп жиберүү; **упусти́ть возмо́жность** мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып жиберүү; ◇ **упусти́ть из виду** байкабай калуу, эстен чыгарып коюу, унутуп калуу.

**УПУЩЕ'НИЕ** *ср.* каталык кетирип коюу, кетирген каталык.

**УПЫ'РЬ** *м. фольк.* вампир (*жомоктордо — көрдөн чыгып, тирүү адамдардын канын соруучу өлүк*).

**УРА'** *межд. и в знач. сущ. ср.* ура (**1.** *атака жасаганда кыйкырылуучу сөз*; **2.** *жактырганда, куттуктоодо кыйкырылуучу сөз*); ◇ **на ура́:** 1) **идти́ на ура́** уралап чабуул коюу; 2) *перен.* тобокелге салып; **сдать экза́мен на ура́** экзаменди тобокелге салып берүү, өткөрүү (*даярданбай туруп эле экзамен берүүгө келүү*).

**УРАВНЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) теңөө, теңешүү, теңештирүү, тең болуу, теңештирилүү, бирдей кылуу, текшилөө; **2.** *мат.* теңдеме; **квадра́тное уравне́ние** квадраттык теңдеме.

**УРА'ВНИВАТЬ** I *несов. см.* **уравня́ть.**

**УРА'ВНИВАТЬ** II *несов. см.* **уровня́ть.**

www.bizdin.kg

**УРА'ВНИВАТЬСЯ** I *несов.* **1.** *см.* **уравня́ться; 2.** *страд.* к **ура́внивать** I.

**УРА'ВНИВАТЬСЯ** II *несов. страд.* к **ура́внивать** II.

**УРАВНИ'ЛОВКА** *ж. разг. неодобр.* теңдемечилик.

**УРАВНИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое теңдөөчү; **уравни́тельные провода́** *тех.* теңдөөчү проводдор.

**УРАВНОВЕ'СИТЬ** *сов. что* теңдештирүү, тең салмактуу кылуу, **уравнове́сить си́лы** *перен.* күчтөрдү тең салмактуу кылуу.

**УРАВНОВЕ'СИТЬСЯ** *сов.* теңделүү, тең салмакташуу; **си́лы уравнове́сились** *перен.* күчтөр теңелди, эки тараптын күчү бирдей болду.

**УРАВНОВЕ'ШЕННОСТЬ** *ж.* токтоолук, оор басырыктык, олуттуулук, салмактуулук.

**УРАВНОВЕ'ШЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **уравнове́сить; 2.** *прил.* токтоо, оор басырык, олуттуу, салмактуу; **уравнове́шенный челове́к** салмактуу адам.

**УРАВНОВЕ'ШИВАНИЕ** *ср.* теңдештирүү, тең салмактуу кылуу.

**УРАВНОВЕ'ШИВАТЬ** *несов. см.* **уравнове́сить.**

**УРАВНЯ'ТЬ** *сов. кого-что* теңөө, теңештирүү, бирдей кылуу; **уравня́ть в права́х** укугун теңөө.

**УРАВНЯ'ТЬСЯ** *сов.* теңешүү, теңештирилүү, тең болуу.

**УРАГА'Н** *м.* чымын-куюн, бороон, аябаган катуу шамал; **урага́н войны́** *перен.* согуш бороону; **промча́ться урага́ном** *перен.* чымын-куюн болуп өтүү.

**УРАГА'ННЫЙ,** -ая,-ое **1.** **ураган**-*га т.;* **2.** *перен.* жамгырдай жааган, койгулаткан; **урага́нный ого́нь** *воен.* артиллерия менен жамгырдай жаадырып атуу.

**УРАЗУМЕ'ТЬ** *сов. что* түшүнүү, баамдоо.

**УРА'Н** *м. хим.* уран (*радиоактивдүү касиети бар элемент, металл*).

**УРА'НОВЫЙ,** -ая, -ое **уран**-*га т.*; **ура́новая руда́** уран рудасы.

**УРБАНИЗА'ЦИЯ** *ж.* урбанизация (*айыл-кыштакка зыян келтирүү эсебинен экономикалык жана маданий турмушту ири борбордук шаарларда гана өрчүтүү. Бул — капиталистик өлкөлөргө мүнөздүү*).

**УРБАНИ'ЗМ** *м.* **1.** *см.* **урбаниза́ция; 2.** урбанизм (*буржуазиялык искусстводо жана адабиятта — капиталистик шаардын турмушун мактоган формалистик багыт*)

**УРВА'ТЬ** *сов. что, разг.* **1.** *неодобр.* (*получить*) жулуу, жулуп алуу; **2.** (*найти*) табуу, эптеп табуу (*убакыт, чоло жөнүндө*); **урва́ть свобо́дную мину́ту для разгово́ра** сүйлөшүү үчүн эптеп бош убакыт табуу.

**УРДУ'** *м. нескл.* урду (*тил*).

**УРЕГУЛИ'РОВАНИЕ** *ср.* жөнгө салуу, ирettөө, бир жаңсыл кылуу.

**УРЕГУЛИ'РОВАТЬ** *сов. что* жүргүзүү, туура жүргүзүү, жөнгө салуу, ирettөө, иретке салуу, тартипке салуу, бир жаңсыл кылуу.

**УРЕГУЛИ'РОВАТЬСЯ** *сов.* жүргүзүлүү, туура жүргүзүлүү, жөнгө салынуу, иреттелүү, иретке салынуу, тартипке салынуу, бир жаңсыл кылынуу.

**УРЕ'ЗАТЬ** *сов. что* **1.** *разг.* (*укоротить*) кесүү, кесип кыскартуу; **уре́зать по́лы пальто́** пальтонун этегинен кесип кыскартуу; **2.** *перен.* (*уменьшить*) азайтуу, кыскартуу, кемитүү; **уре́зать сме́ту** сметаны азайтуу; **уре́зать расхо́ды** расходдорду азайтуу; **уре́зать себя́** *в чём-л.* өзүнө керектүү расходду (нерселерди) азайтуу.

**УРЕЗА'ТЬ** *несов. см.* **уре́зать.**

**УРЕ'ЗКА** *ж.* **1.** *разг.* (*укорачивание*) кесүү, кесип кыскартуу; **2.** *перен.* (*уменьшение, сокращение*) азайтуу, кыскартуу, кемитүү.

**УРЕЗО'НИВАНИЕ** *ср. разг.* акыл айтып тил алдыруу, эпке келтирүү, эпке көндүрүү.

**УРЕЗО'НИВАТЬ** *несов. см.* **урезо́нить.**

**УРЕЗО'НИТЬ** *сов. кого, разг.* акыл айтып тил алдыруу, эпке келтирүү, эпке көндүрүү.

**УРЕ'ЗЫВАНИЕ** *ср. см.* **уре́зка.**

**УРЕ'ЗЫВАТЬ** *несов. см.* **уре́зать.**

**УРЕМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **уремия**-*га т.*

**УРЕМИ'Я** *ж. мед.* уремия (*бөйрөк ооруганда денеде пайда болгон заттын организмди ууландырышы*).

**УРЕ'ТРА** *ж. анат.* уретра (*сийдик түтү*).

**УРЕТРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *анат.* уретралык.

**УРЕТРИ'Т** *м. мед.* уретрит (*уретранын оорушу*).

**УРЕТРОСКО'П** *м. мед.* уретроскоп (*сийдик чыга турган жолду изилдөө үчүн колдонула турган күзгү*).

**У'РНА** *ж. в разн. знач.* урна (**1.** *өлгөн кишини өрттөгөндөн кийин анын күлү салынып сакталуучу куту, идиш;* **2.** *жашырын добуш берген кезде шайлоо бюллетендерин салуучу атайы ящик;* **3.** *көчөлөргө же көпчүлүк орундарга шыпырынды, таштанды салуу үчүн коюлуучу идиш, ящик*).

**У'РОВЕНЬ** *м.* **1.** (*граница высоты*) деңгээл; **у́ровень воды́ в реке́** өзөндөгү суунун деңгээли; **высота́ над у́ровнем мо́ря** деңиз деңгээлинен жогору турган бийиктик; **на у́ровне мо́ря** деңиз деңгээлинде; **в у́ровень с землёй** жер бети менен бир деңгээлде; **в у́ровень** *с кем-чем-л. перен.* бирөө менен, бир нерсе менен бир деңгээлде; **на одно́м у́ровне** *с кем-л. перен.* бирөө менен бир деңгээлде (даражада); **2.** *перен.* (*степень*) деңгээл; **у́ровень разви́тия** өсүш деңгээли; **культу́рный у́ровень наро́да** элдин маданий деңгээли; **жи́зненный у́ровень** турмуш деңгээли; **ни́же у́ровня** деңгээлден төмөн; **3.** *тех.* (*ватерпас*) ватерпас (*бир нерсенин бетинде сызыктын горизонталдык абалын текшерүүчү шайман; бул—курулуш жана жыгач усталык ишинде колдонулат*).

**УРОВНЯ'ТЬ** *сов. что* текшилөө, тегиздөө, түздөө, түзөтүү; **уровня́ть доро́гу** жолду текшилөө.

**УРО'Д** *м.* **1.** (*человек с физическим недостатком*) тубаса кем (*тубаса сөлпү, тубаса кыйшык ж. б.*); **2.** (*некрасивый человек*) көрксүз, түрү суук, кебетеси бузук; ◇ **в семье́ не без уро́да** *посл.* бир уядан бир сасыткы.

**УРО'ДИНА** *м. и ж. см.* **уро́д** 2.

**УРОДИ'ТЬ** *сов.* **1.** *что* чыгуу, түшүм берүү, дан берүү, жемиш берүү; **2.** *кого-что, разг.* (*родить, породить*) тууш, төрөө.

**УРОДИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*вырасти, созреть*) чыгуу, жемиш берүү, жетилүү, түшүм берүү; **пшени́ца хорошо́ уроди́лась** буудай жакшы чыкты (түшүмдүү болду); **2.** *в кого, разг.* (*родиться похожим на кого-л.*) тартуу, окшоо; **ма́льчик уроди́лся весь в отца́** бала бүтүндөй атасын тартыптыр; **он тако́й уроди́лся** анын турушу эле ошол.

**УРО'ДЛИВЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*с физическим недостатком*) кем, майып (*кыйшык, мыйрык, сөлпү ж. б.*); **2.** *разг.* (*безобразный*) көрксүз, түрү суук, кебетеси бузук; **3.** *перен.* (*искажённый*) тескери, бузук; **уро́дливое воспита́ние** тескери тарбия.

**УРО'ДОВАТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*калечить*) майып кылуу; **2.** *кого-что* (*делать уродливым, безобразить*) көркүн (түсүн) бузуу, көркүн кетирүү, бузуу; **о́спа уро́дует лицо́** чечек беттин көркүн бузат; **3.** *кого-что* (*портить*) бузуу; **4.** *что, перен.* (*искажать*) бузуу; **уро́довать чужу́ю мысль** бирөөнүн оюн бузуу.

**УРО'ДОВАТЬСЯ** *несов.* **1.** (*причинять себе увечья*) майып болуу; **2.** (*становиться уродливым, безобразным*) бузулуу, көркү кетүү; **3.** *страд.* к **уро́довать.**

**УРО'ДСТВО** *с.* **1.** (*физический недостаток*) кемдик, майыптык (*кыйшыктык, мыйрыктык, сөлпүлүк ж. б.*); **2.** (*безобразие*) көрксүздүк, түрү сууктук; **3.** *перен.* (*порочность*) бузуктук, тескерилик; **нра́вственное уро́дство** жүрүш-туруш жагынан бузуктук.

**УРОЖА'Й** *м.* түшүм; **бога́тый урожа́й** мол түшүм; **собра́ть весь урожа́й** бардык түшүмдү жыйнап алуу.

www.bizdin.kg

**УРОЖА'ЙНОСТЬ** *ж.* түшүмдүүлүк; **высо́кая урожа́йность** жогорку түшүмдүүлүк.

**УРОЖА'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **урожай**-*га т.*; түшүмдүү; **урожа́йный год** түшүмдүү жыл.

**УРОЖДЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **уроди́ть;** 2. *прил. офиц. чаще ж.* кыз кезинде (*күйөөгө чыккан аялдын кыз убагындагы фамилиясын билдирүүчү сөз*); **Н. Н. Пу́шкина, урождённая Гончаро́ва** Н. Н. Пушкина — кыз кезинде Гончарова.

**УРОЖЕ'НЕЦ** *м.* туулган; **уроже́нец Москвы́** туулган жери — Москва, ал Москвада туулган.

**УРОЖЕ'НКА** *женск. р. к* **уроже́нец.**

**УРО'К** *м.* 1. сабак, дарыс; **уро́к исто́рии** тарых сабагы; 2. *перен.* (*поучение*) сабак; **э́то послу́жит ему́ уро́ком** бул ага сабак болот.

**УРО'ЛОГ** *м. мед.* уролог (*урология жагынан специалист*).

**УРОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **урология**-*га т.*

**УРОЛО'ГИЯ** *ж. мед.* урология (*сийдик мүчөсүнүн жана жыныс органдарынын ооруларын изилдөөчү медицинанын тармагы*).

**УРО'Н** *м.* зыян, залал, зарар; **потерпе́ть уро́н** зыян тартуу, зыянга учуроо.

**УРОНИ'ТЬ** *сов. что* түшүрүү, түшүрүп жиберүү; **урони́ть кни́гу** китепти түшүрүп жиберүү; ◇ **урони́ть своё досто́инство** өзүнүн беделин түшүрүү.

**УРОТРОПИ'Н** *м. фарм.* уротропин (*сийдик чыгуу жолдорун дезинфекциялоочу дары*).

**УРО'ЧИЩЕ** *ср.* 1. (*естественная граница*) табигый чек болуучу өзөн (тоо) сыяктуулар; 2. (*участок*) айланага караганда өзгөчөлүгү бар жер (*мис. талаада — токой*).

**УРО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое белгиленген, шартталган; **уро́чный час наста́л** белгиленген убакыт болуп калды; **рабо́тать в уро́чное вре́мя** белгиленген убакытта иштөө; **он пришёл не в уро́чный час** ал убакытсыз келди.

**УРУГВА'ЕЦ** *м.* уругваец, уругвайлык.

**УРУГВА'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **Уругвай**-*га*, **уругваец**-*ке т.*; уругвайлык.

**УРУГВА'ЙЦЫ** *мн.* уругваецтер, уругвайлыктар.

**УРЧА'НИЕ** *ср.* 1. ырылдоо, ыркыроо; **урча́ние пса** иттин ыркырашы; 2. кулдуроо, калдыроо, куруулдоо; **урча́ние в желу́дке** ичтин кулдурашы.

**УРЧА'ТЬ** *несов.* 1. (*о собаке*) ырылдоо, ыркыроо; 2. (*о желудке*) кулдуроо, куруулдоо.

**УРЫВА'ТЬ** *несов. см.* **урва́ть.**

**УРЫ'ВКАМИ** *нареч. разг.* ара-чоло таап, эптеп убакыт таап; **ви́деться уры́вками** эптеп убакыт таап жолугушуп, көрүшүп туруу.

**УРЮ'К** *м.* өрүк.

**УРЯ'ДНИК** *м. уст.* урядник (1. *падышалык армияда — казак унтер-офицер*; 2. *падышалык Россияда — уезддик полициянын төмөнкү чини*).

**УС** *м.* мурут; **кито́вый ус** кит муруту; ◇ **мота́ть на ус** *разг.* эстен такыр чыгарбоо, көкүрөккө түйүү; **и в ус не дуть** *разг.* быш деп да койбоо.

**УСА'ДЕБНЫЙ,** -ая, -ое **усадьба**-*га т.*; усадьбалык; **уса́дебный уча́сток** усадьбалык участок.

**УСАДИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* отургузуу; **усади́ть госте́й** конокторду отургузуу, коноктторго орун алдыруу; **усади́ть за рабо́ту** ишке (жумушка) отургузуу; **усади́ть ученико́в за уро́ки** окуучуларды сабак даярдоого отургузуу; 2. *что чем* (*растениями*) тигип толтуруу, отуртуп толтуруу; **усади́ть двор тополя́ми** короого терек тигип толтуруу.

**УСА'ДЬБА** *ж.* усадьба, короо-жай (*багы, огороду бар короо-жай*); **поме́щичья уса́дьба** помещиктин усадьбасы.

**УСА'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **усади́ть.**

**УСА'ЖИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **усе́сться;** 2. *страд. к* **уса́живать.**

**УСА'ТЫЙ,** -ая, -ое мурутуу, муруту бар.

**УСА'Ч** *м.* 1. *разг.* чоң мурутуу; 2. (*рыба*) усач (*балыктын бир түрү*).

**УСВА'ИВАНИЕ** *ср. см.* **усвое́ние.**

**УСВА'ИВАТЬ** *несов. см.* **усво́ить.**

**УСВОЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*овладение*) өздөштүрүү; 2. (*пищи и т. п.*) сиңирүү.

**УСВО'ИТЬ** *сов. что* 1. (*овладеть, сделать привычным*) өздөштүрүү; **он хорошо́ усво́ил уро́к** ал сабакты жакшы өздөштүрдү; **усво́ить но́вые ме́тоды рабо́ты** иштин жаңы методдорун өздөштүрүү; 2. (*пищу и т. п.*) сиңирүү.

**УСВОЯ'ЕМОСТЬ** *ж.* 1. өздөштүрүлгүчтүк; 2. (*пищи и т. п.*) сиңимдүүлүк.

**УСВОЯ'ЕМЫЙ,** -ая, -ое 1. өздөштүрүлгүч; 2. (*о пище и т. п.*) сиңимдүү, сиңиримдүү.

**УСЕ'ИВАТЬ** *несов. см.* **усе́ять.**

**УСЕ'РДИЕ** *ср.* ынта, тырыштык, кунт, кунттук; **рабо́тать с усе́рдием** ынта коюп иштөө.

**УСЕ'РДНО** *нареч.* ынта менен, тырышып, кунт коюп.

**УСЕ'РДНЫЙ,** -ая, -ое ынталуу, тырыш, тырышчаак, кунттуу; **усе́рдный учени́к** ынталуу (тырышчаак) окуучу.

**УСЕ'РДСТВОВАТЬ** *несов.* ынта коюу, ынталыгын көрсөтүү, тырышуу, тырыштык кылуу, тырышчаактыгын көрсөтүү, кунт коюу.

**УСЕ'СТЬСЯ** *сов.* отуруу; **все усе́лись по места́м** бардыгы орду-ордуна отурушту; **усе́сться за рабо́ту** ишке отуруу.

**УСЕЧЁННЫЙ,** -ая, -ое 1. *мат.* кесилген; **усечённый ко́нус** кесилген конус; 2. *лингв.* кыскартылган (*сөздү же ырды, же болбосо сөздүн өзүн аягынан кыскартуу*); **усечённый слог** кыскартылган муун.

**УСЕ'ЯННЫЙ,** -ая, -ое *прич. от* **усе́ять; усе́янное цвета́ми по́ле** гүл жайнаган талаа; **не́бо, усе́янное звёздами** жылдыз жайнаган асман.

**УСЕ'ЯТЬ** *сов. что* жайнатуу, каптатуу, жабалактатуу.

**УСЕ'ЯТЬСЯ** *сов.* жайноо, каптоо, жабалактоо.

**УСИДЕ'ТЬ** *сов.* бек отуруу, чыдап отуруу; **от нетерпе́ния он не мог усиде́ть на ме́сте** чыдамы кеткендиктен ал ордуна отура албады; **он не усиде́л в седле́** ал ээрге бек отура алган жок.

**УСИ'ДЧИВО** *нареч.* кежөрүп, тырышып; **уси́дчиво рабо́тать** кежөрүп, тырышып иштөө.

**УСИ'ДЧИВОСТЬ** *ж.* кежөргүчтүк, тырыштык.

**УСИ'ДЧИВЫЙ,** -ая, -ое кежөрө иштөөчү, тырышып иштөөчү.

**У'СИКИ** *мн.* (*ед.* **у́сик** *м.*) 1. (*маленькие усы*) мурутча, кичинекей мурут; 2. *бот.* мурутчалар; **у́сики горо́ха** буурчактын мурутчалары; 3. *зоол.* мурутчалар; **насеко́мое с дли́нными у́сиками** узун мурутчалуу курт-кумурска.

**УСИЛЕ'НИЕ** *ср.* күчөө, күчөтүү, күч алуу, күч алдыруу; **усиле́ние зву́ка** тыбыштын күчөшү.

**УСИ'ЛЕННО** *нареч.* күчөтүлгөн түрдө, күчтүү түрдө.

**УСИ'ЛЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **уси́лить;** 2. *прил.* күчөтүлгөн, күчтүү; **уси́ленная охра́на** күчөтүлгөн охрана; **уси́ленное строи́тельство** күчөтүлгөн курулуш; **уси́ленное пита́ние** күчтүү тамак ичүү; 3. *прил.* (*ожесточённый*) күчөтүлгөн; 4. *прил.* (*настойчивый*) кадаланган, туруктуу; **уси́ленная про́сьба** жадабай суранган өтүнүч.

**УСИ'ЛИВАТЬ** *несов. см.* **уси́лить.**

**УСИ'ЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уси́литься;** 2. *страд. к* **уси́ливать.**

**УСИ'ЛИЕ** *ср.* күч, аракет; **прилага́ть уси́лия** күч жумшоо; **герои́ческие уси́лия** баатырдык аракет.

**УСИЛИ'ТЕЛЬ** *м.* 1. *тех.* күчөткүч (*электр тогун күчөтүүчү, күчөткүч прибор*) **ла́мповый усили́тель** лампалуу күчөткүч; 2. *хим., фото* усилитель (*бир нерсени күчөтүү, чыңоо үчүн колдонулуучу зат*).

**УСИ'ЛИТЬ** *сов. что* күчөтүү, күч алдыруу; **уси́лить наблюде́ние** байкоону күчөтүү.

www.bizdin.kg

**УСИ'ЛИТЬСЯ** *несов.* күчөө, күч алуу; **ветер усилился** шамал күчөдү.

**УСКАКА'ТЬ** *сов.* чаап кетүү, жүгүрүп кетүү; **конь ускакал** ат жүгүрүп кетти.

**УСКОЛЬЗА'ТЬ** *несов. см.* **ускользнуть.**

**УСКОЛЬЗНУ'ТЬ** *сов.* 1. (*вырваться*) булт деп чыгып кетүү; **рыба ускользнула из рук** балык булт деп колдон чыгып кетти; 2. *перен.* (*скрыться*) жылт коюп чыгып кетүү, жылт коюп качып жок болуу; **он куда-то ускользнул** ал жылт коюп бир жакка жок болду; **ускользнуть из памяти** эстен чыгып кетүү; 3. *от чего, перен.* (*уклониться*) жалтайлоо, тайсалдоо; **он ускользнул от прямого ответа** ал түз жооп бербей тайсалдап кетти; 4. *от кого-чего, перен.* (*остаться незамеченным*) байкоосуз калуу, байкас кылынбай калуу; **это ускользнуло от моего внимания** муну мен байкоосуз калтырыптырмын.

**УСКОРЕ'НИЕ** *ср.* тездөө, тездетүү, ылдамдоо, ылдамдатуу, ыкчамдоо, ыкчамдатуу; **ускорение темпов строительства** курулуш темптерин ылдамдатуу.

**УСКО'РЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **ускорить;** 2. *прил.* тездетилген, ылдамдатылган; **ускоренный шаг** тездетилген кадам.

**УСКОРИ'ТЕЛЬ** *м. тех.* тездеткич.

**УСКО'РИТЬ** *сов. что* 1. (*сделать более скорым*) тездетүү, ылдамдатуу, ыкчамдатуу; **ускорить движение** кыймылды тездетүү; **ускорить ход** жүрүштү тездетүү; 2. (*приблизить во времени*) тездетүү, жакындатуу, ылдамдатуу, ыкчамдатуу; **ускорить сроки выполнения плана** пландын аткарылыш срогун тездетүү; **я принуждён ускорить свой отъезд** мен өзүмдүн кетишимди тездетүүгө мажбур болдум.

**УСКО'РИТЬСЯ** *сов.* 1. (*сделаться более скорым*) тездөө, ылдамдоо, ыкчамдоо; **движение поезда ускорилось** поезддин кыймылы тездеди; 2. (*приблизиться во времени*) тездөө, ылдамдоо, ыкчамдоо; **отъезд его ускорился** анын кетиши тездетилди.

**УСКОРЯ'ТЬ** *несов. см.* **ускорить.**

**УСКОРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **ускориться;** 2. *страд. к* **ускорять.**

**УСЛА'ВЛИВАТЬСЯ** *несов. см.* **условиться.**

**УСЛА'ДА** *ж. поэт., уст.* жыргал, ыракат.

**УСЛАДИ'ТЬ** *сов. кого-что, уст.* жыргатуу, ыракаттандыруу, мемиретүү, көшүлтүү, жанды жай таптыруу; **усладить взор** *чем-л.* *бир нерсе менен* көздү кубантуу; **усладить слух пением** ыр угуп ыракаттануу.

**УСЛАДИ'ТЬСЯ** *сов. уст.* жыргоо, ыракаттануу, мемиреө, көшүлүү, жан жай табуу.

**УСЛАЖДА'ТЬ** *несов. см.* **усладить.**

**УСЛАЖДА'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **усладиться;** 2. *страд. к* **услаждать.**

**УСЛА'ТЬ** *сов. кого-что* жиберүү; **услать далеко на север** алыс түндүккө жиберүү.

**УСЛЕДИ'ТЬ** *сов.* 1. *за кем-чем* (*устеречь*) байкап отуруу, байкас кылуу, байкоо жүргүзүү, карап туруу; **не уследили за ребёнком** баланы байкап отура алышпады; 2. *что, за чем, перен.* (*не упустить из внимания*) байкап аңдоо, байкап түшүнүү; **уследить за мыслью** оюн аңдап түшүнүү.

**УСЛО'ВИЕ** *ср.* 1. (*обстоятельство, требование*) шарт; **выполнить все условия** бардык шартты аткаруу; **ставить условием** *что-л.* *бир нерсени* шарт кылып коюу; **при условии** ошондой шарт болсо; **я это сделаю при условии, что мне помогут** эгер мага жардам кылышса, мен ошондо гана аткара аламын; 2. (*договор, соглашение*) шарт, келишим; **заключить условие** шартташуу; **нарушить условие** шартты бузуу; **на льготных условиях** жеңилдик берилген шарттарда; 3. **условия** *мн.* (*обстановка*) шарттар; **благоприятные условия** ылайыктуу (жайлуу) шарттар; **условия материальной жизни общества** коомдун материалдык турмуш шарттары; **климатические условия** климат шарттары; **жилищные условия** турак үй шарттары; **условия труда** эмгек шарттары; ◇ **условия задачи** *мат.* маселенин шарттары.

**УСЛО'ВИТЬСЯ** *сов.* сөз байлашуу, келишүү, келишип алуу, макулдашуу; **они условились о встрече** алар кезигүү жөнүндө макулдашышты.

**УСЛО'ВЛЕННЫЙ,** -ая, -ое шартташылган, белгиленген, сүйлөшүлгөн, болжогон; **в условленный час** болжогон саатта.

**УСЛО'ВНО** *нареч.* шарттуу түрдө; **он согласился лишь условно** ал шарттуу түрдө гана макул болду; **всё, что вы говорите, очень условно** сиздин айтканыңыздын бардыгы шарттуу түрдө гана боло турган маселе; **осудить условно** *юр.* шарттуу соттоо.

**УСЛО'ВНОСТЬ** *ж.* 1. шарттуулук, үзүл-кесил эместик; **условность приговора** *юр.* өкүмдүн шарттуулугу; 2. (*общепринятый обычай*) жалпы каадага айланган адат, шарттуу адат; **он враг всяких условностей** ал ар кандай шарттуулуктун душманы.

**УСЛО'ВНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*с условием*) шарттуу, үзүл-кесил эмес; **условное согласие** шарттуу макулдук; **условный приговор** *юр.* шарттуу өкүм; **условный рефлекс** *физиол., психол.* шарттуу рефлекс; 2. (*принятый ранее*) шарттуу; **условный знак** шарттуу белги; **условный сигнал** шарттуу сигнал; 3. *грам.* шарттуу; **условное наклонение** шарттуу ыңгай (*шарттуу этиш*).

**УСЛОЖНЕ'НИЕ** *ср.* татаалдашуу, татаалдаштыруу, татаалдануу, татаалдандыруу; **усложнение производственного процесса** өндүрүш процессинин татаалданышы.

**УСЛОЖНЁННОСТЬ** *ж.* татаалдашкандык.

**УСЛОЖНИ'ТЬ** *сов. что* татаалдаштыруу, татаалдандыруу; **усложнить работу** ишти татаалдаштыруу.

**УСЛОЖНИ'ТЬСЯ** *сов.* татаалдашуу, татаалдануу; **дело усложнилось** иш татаалдашты.

**УСЛОЖНЯ'ТЬ** *несов. см.* **усложнить.**

**УСЛОЖНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **усложниться;** 2. *страд. к* **усложнять.**

**УСЛУ'ГА** *ж.* 1. (*помощь*) кызмат, жардам; **оказать услугу** кызмат көрсөтүү; **услуга за услугу** жардамга жардам; 2. **услуги** *мн.* (*обслуживание*) тейлөө; **коммунальные услуги** коммуналдык тейлөө; **услуги для населения** элди тейлөө; ◇ **к вашим услугам** кызматыңызга даярмын; **медвежья услуга** чылпагын аламын деп, көзүн чукуп алуу; артык кылам деп, тыртык кылуу.

**УСЛУЖЕ'НИЕ** *ср. уст.* жалчы болуп кызмат кылуу, бирө өнүн эшигинде кызмат кылуу; **поступить в услужение** *бирөөгө* жалчы болуп кызмат кылууга кирүү.

**УСЛУ'ЖИВАТЬ** *несов. см.* **услужить.**

**УСЛУЖИ'ТЬ** *сов. кому-чему* кызмат көрсөтүү, жардамдашып болушуу, жардам көрсөтүү.

**УСЛУ'ЖЛИВО** *нареч.* кызмат көрсөтүп, жардам көрсөтүп.

**УСЛУ'ЖЛИВОСТЬ** *ж.* кызмат көрсөткүчтүк, элпектик.

**УСЛУ'ЖЛИВЫЙ,** -ая, -ое кызмат көрсөткүч, элпек.

**УСЛЫХА'ТЬ** *сов. разг. см.* **услышать.**

**УСЛЫ'ШАТЬ** *сов. кого-что* угуу; **я услышал об этом вчера** мен бул жөнүндө кечээ уктум.

**УСМА'ТРИВАТЬ** *несов. см.* **усмотреть** 2.

**УСМЕХА'ТЬСЯ** *несов. см.* **усмехнуться.**

**УСМЕХНУ'ТЬСЯ** *сов.* күлүмсүрөө, жылмаюу; **добродушно усмехнуться** жайдары гана жылмаюу.

**УСМЕ'ШКА** *ж.* күлүмсүрөө, жылмаюу; **глядеть с усмешкой** жылмайып кароо.

**УСМИРЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*укрощение*) жоошутуу, тыюу; 2. (*подавление*) басуу; **усмирение мятежа** козголоңду басуу.

**УСМИРЁННЫЙ,** -ая, -ое жоошутулган, тыйылган, басылган, жини кагылган.

www.bizdin.kg

**УСМИРИ'ТЬ** *сов. кого-что* 1. (*укротить*) жоошутуу, тыюу; 2. (*подавить*) басуу; **усмири́ть мятёж** козголоңду басуу.

**УСМИРИ'ТЬСЯ** *сов.* (*укротиться*) жоошуу, тыйылуу.

**УСМИРЯ'ТЬ** *несов. см.* **усмири́ть.**

**УСМИРЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **усмири́ться;** 2. *страд. к* **усмиря́ть.**

**УСМОТРЕ'НИЕ** *ср.* ыктыяр; **оста́вить на** *чьё-л.* **усмотре́ние** *бирөөнүн* ыктыярына калтыруу; **де́йствовать по своему́ усмотре́нию** өз ыктыяры боюнча аракет кылуу.

**УСМОТРЕ'ТЬ** *сов.* 1. *см.* **уследи́ть** 1; 2. *что в чём* (*установить, признать*) көрүп калуу, байкап калуу, ... деп түшүнүү,... деп билүү,... деп жоруу; **усмотре́ть в э́том оши́бку нельзя́** муну жаңылыштык деп түшүнүүгө болбойт.

**УСНАСТИ'ТЬ** *сов. что* (*обильно снабдить*) көркөмдөө, сулуулоо, кооздоо (*мис. речти макал менен*).

**УСНАЩА'ТЬ** *несов. см.* **уснасти́ть.**

**УСНУ'ТЬ** *сов.* 1. (*заснуть*) уктоо, уйкуга кетүү; **ребёнок усну́л** бала уктады; 2. *перен. поэт.* (*замереть*) уктоо, мемиреп жатуу; **о́зеро усну́ло** көл мемиреп жатты; 3. (*умереть — о рыбе*) өлүү; ◇ **усну́ть наве́ки (ве́чным сном)** *поэт.* түбөлүк уйкуга кетүү (*өлүү*).

**УСО'БИЦА** *ж. ист.* өз ара ырксыздык, өз ара согуш.

**УСОВЕРШЕ'НСТВОВАНИЕ** *ср.* 1. (*действие*) мыктылоо, мыктылануу, жакшыртуу; жеткилең кылуу, жетилүү, өркүндөө; **усоверше́нствование констру́кции самолёта** самолёттун конструкциясын мыктылоо; 2. (*изменение к лучшему*) жаңылоо, жакшыртуу; **внести́ техни́ческие усоверше́нствования** техникалык жактан жакшыртуулар киргизүү.

**УСОВЕРШЕ'НСТВОВАННОСТЬ** *ж.* мыктылангандык, жакшыртылгандык, өркүндөтүлгөндүк; **усоверше́нствованность аппара́та** аппараттын мыктылангандыгы.

**УСОВЕРШЕ'НСТВОВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **усоверше́нствовать;** 2. *прил.* мыктыланган, жакшыртылган, өркүндөтүлгөн, жаңыланган.

**УСОВЕРШЕ'НСТВОВАТЬ** *сов. что* мыктылоо, жакшыртуу, өркүндөтүү, жетилтүү.

**УСОВЕРШЕ'НСТВОВАТЬСЯ** *сов.* 1. (*приобрести навык*) машыгуу; 2. мыктылануу, жетилүү, өркүндөтүлүү.

**УСО'ВЕСТИТЬ** *сов. кого* уяткаруу, уяткарып акыл айтуу.

**УСО'ВЕЩИВАТЬ** *несов. см.* **усо́вестить.**

**УСОМНИ'ТЬСЯ** *сов. в ком-чём* шектенүү, шек кылуу, шек уруу; **она́ не могла́ усомни́ться в ве́рности сообще́ния** ал кабардын туура экендигине шек кыла алган жок; **усомни́ться в дру́ге** досунан шек уруу.

**УСО'ПШИЙ,** -ая, -ее *уст.* 1. маркум, өлгөн; 2. *в знач. сущ. м.* маркум.

**УСО'ХНУТЬ** *сов.* кургап азаюу, кичирейүү, жеңилейүү; **зерно́ усо́хло** дан кургап жеңилейип калды.

**УСПЕВА'ЕМОСТЬ** *ж.* жетишүүчүлүк, жетише алгандык; **высо́кая успева́емость ученико́в** окуучулардын жогорку жетишүүчүлүгү; **оце́нка успева́емости** жетише алгандыгына коюлган баа.

**УСПЕВА'ТЬ** *несов.* 1. *см.* **успе́ть;** 2. (*успешно заниматься*) жетишүү, жетише алуу; **успева́ть по геогра́фии** географиядан жетишүү.

**УСПЕВА'ЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **успева́ть;** 2. *прил. и в знач. сущ. м., ж.* жакшы окуучу.

**УСПЕ'ЕТСЯ** *сов. безл. разг.* шашылыш жок, болор.

**УСПЕ'ТЬ** *сов.* 1. (*поспеть, найти время*) жетүү, жетишүү, үлгүрүү; **я не успе́л на по́езд** мен поездге үлгүрө албай калдым; **до шести́ часо́в я вполне́ успе́ю зако́нчить рабо́ту** саат алтыга чейин ишти бүтүрүүгө мен толук жетише алам; **я приду́, е́сли успе́ю** эгер үлгүрсөм, келемин; 2. *уст.* (*достигнуть успеха*) ийгиликке жетишүү, ийгиликке ээ болуу; **успе́ть по слу́жбе** кызматта ийгиликке жетишүү (көтөрүлүү); ◇ **не успе́л огляну́ться** алеки саатта, көз ачып жумгуча, аны-муну дегиче.

**УСПЕ'Х** *м.* 1. (*удача*) ийгилик, жетишкендик, жол болуу; **по́лный успе́х** толук жетишкендик; **учени́к сде́лал больши́е успе́хи** окуучу чоң ийгиликтерге жетишти; **доби́ться успе́ха** ийгиликке жетишүү; 2. (*общественное одобрение*) жагуу, **кни́га име́ет успе́х (по́льзуется успе́хом)** китеп элге жакты; ◇ **с успе́хом** оңой эле, ийгиликтүү түрдө; **с тем же успе́хом** ошол эле өңдүү, натыйжасы бирдей, ошондой эле; **жела́ю успе́ха!** иш илгери болсун!

**УСПЕ'ШНО** *нареч.* ийгиликтүү түрдө, ийгилик менен; **успе́шно зако́нчить посевну́ю кампа́нию** эгин айдоо кампаниясын ийгиликтүү аяктоо.

**УСПЕ'ШНОСТЬ** *ж.* ийгиликтүүлүк.

**УСПЕ'ШНЫЙ,** -ая, -ое ийгиликтүү; **успе́шный ход рабо́ты** иштин ийгиликтүү жүрүшү.

**УСПОКА'ИВАТЬ** *несов. см.* **успоко́ить.**

**УСПОКА'ИВАТЬСЯ** *несов. см.* **успоко́иться; не успока́иваться на дости́гнутом** жетишкен ийгиликтер менен тынчып калбоо.

**УСПОКА'ИВАЮЩИЙ,** -ая, -ее 1. *прич. от* **успока́ивать;** 2. *прил.* тынчтантуучу, сооротуучу.

**УСПОКОЕ'НИЕ** *ср.* тынчуу, тынчытуу, басуу, басылуу, басылтуу, сооротуу, сооронуу; **для успокое́ния** тынчытуу үчүн.

**УСПОКОИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тынчытуучу, басылтуучу, сооротуучу; **успокои́тельные изве́стия** тынчытуучу кабарлар.

**УСПОКО'ИТЬ** *сов. кого-что* 1. (*сделать спокойным*) тынчытуу, басуу, басылтуу, сооротуу; **успоко́ить ребёнка** баланы сооротуу; 2. (*умерить, смягчить*) тынчытуу, басылтуу; **лека́рство успоко́ило боль** дары ооруну басылтты.

**УСПОКО'ИТЬСЯ** *сов.* 1 (*стать спокойным*) тынчуу, басылуу, сооронуу; **мо́ре успоко́илось** деңиз тынчыды; 2. (*утихнуть*) басылуу; **боль успоко́илась** оору басылды.

**УСТА'** *только мн., поэт. уст.* ооз; **с улы́бкой на уста́х** жылмайып; ◇ **переходи́ть из уст в уста́** ооздон оозго өтүп; **быть у всех на уста́х** эл оозунда болуу, эл оозунан түшпөө.

**УСТА'В** *м.* устав; **уста́в Коммунисти́ческой па́ртии Сове́тского Сою́за** Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын уставы; **уста́в сельскохозя́йственной арте́ли** айыл чарба артелинин уставы; **вое́нный уста́в** согуштук устав; **приде́рживаться уста́ва** устав боюнча иштөө.

**УСТАВА'НИЕ** *ср.* чарчоо, чаалыгуу, аруу.

**УСТАВА'ТЬ** *несов. см.* **уста́ть.**

**УСТА'ВИТЬ** *сов. кого-что* 1. (*разместить*) батыштырып коюу, сыйыштырып коюу, жабалактатып коюу, кое берип толтуруу; **уста́вить ко́мнату цвета́ми** бөлмөнү гүл менен толтуруу; **уста́вить все кни́ги на по́лку** бардык китептерди текчеге батыштырып коюу; 2. *разг.* (*направить, устремить*): **уста́вить глаза́** *на кого-л. бирөөнү* тикирейип кароо, *бирөөнү* көз айырбай кароо.

**УСТА'ВИТЬСЯ** *сов.* 1. (*разместиться*) батуу, батыштырылуу, сыйлыгыштырылуу; **ме́бель свобо́дно уста́вилась в ко́мнате** мебель бөлмөгө кенен эле батыштырылды, 2. *разг.* (*пристально смотреть*) тиктөө, тиктей кароо, тикирейе кароо; **он уста́вился на меня́ с удивле́нием** ал таң калып мени тикирейип карап калды.

**УСТАВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **уста́вить.**

**УСТАВЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **уста́виться;** 2. *страд. к* **уставля́ть.**

**УСТА'ВНЫЙ,** -ая, -ое **устав**-*ка т.*

**УСТА'ЛО** *нареч.* чарчап, чарчаган түр менен; **он вы́глядит уста́ло** ал чарчаган кебетеленет; **уста́ло опусти́ться на стул** чарчаган түр менен стулга отура кетүү.

**УСТА'ЛОСТЬ** *ж.* чарчагандык, арыгандык; **уста́лость от доро́ги** жол жүргөндөн чарчагандык; **па́дать от уста́лости** чарчап жыгылуу, суй жыгылуу.

www.bizdin.kg

**УСТА'ЛЫЙ,** -ая, -ое чарчаган, арыган; **уста́лый вид** арыган түр; **говори́ть уста́лым го́лосом** чарчаган үн менен сүйлөө.

**У'СТАЛЬ** *ж. разг. см.* **уста́лость; без у́стали** чарчабай, арыбай, чаалыкпай.

**УСТАНА'ВЛИВАТЬ** *несов. см.* **установи́ть.**

**УСТАНА'ВЛИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **установи́ться;** 2. *страд. к* **устана́вливать.**

**УСТАНОВИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*поставить*) коюу, орнотуу, тургузуу; **на ро́дине геро́я установи́ли па́мятник** баатырдын родинасына эстелик орнотушту; **установи́ть телефо́н** телефон коюу; 2. (*определить*) белгилөө, аныктоо; **установи́ть дни заня́тий** сабак күндөрүн белгилөө, 3. (*осуществить*) түзүү, тургузуу, орнотуу; **установи́ть поря́док** тартип орнотуу; **установи́ть телефо́нную связь** телефон байланышын түзүү; 4. (*констатировать, отметить*) табуу, белгилөө, ачуу; **установи́ть оши́бку в правописа́нии** жазуу эрежесинен кеткен катаны табуу; 5. *разг. см.* **уста́вить** 1.

**УСТАНОВИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*определиться, наступить*) орношуу, болуп калуу, токтолуу, бир калыпка келүү; **установи́лся твёрдый поря́док** бекем тартип орношту; **установи́лась тишина́** жымжырт болуп калды; **пого́да ещё не установи́лась** аба ырайы бир калыпка келбей жатат; 2. (*сложиться, сформироваться*) жетилүү; **у него́ го́лос ещё не установи́лся** анын үнү жетилип, белгилүү бир калып ала элек; 3. *разг. см.* **уста́виться** 1.

**УСТАНО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) коюу, орнотуу, тургузуу, **устано́вка телефо́на** телефон орнотуу (коюу, койдуруу), 2. *тех.* (*устройство*) установка (*ордуна коюлган механизм, машина*); **заводски́е устано́вки** заводдук установкалар; **силова́я устано́вка** күч берүүчү установка; **коте́льная устано́вка** казан установкасы; 3. (*цель*) багыт; **взять устано́вку на повыше́ние ка́чества** сапатты жакшыртууга (жогорулатууга) багыт алуу; 4. (*указание, директива*) көрсөтмө, жобо; **по устано́вкам це́нтра** борбордун көрсөтмөлөрү боюнча.

**УСТАНОВЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*определение, узаконение*) белгилөө, далилдөө, аныктоо, ачуу; **установле́ние фа́кта** фактыны далилдөө; 2. (*осуществление*) орнотуу, тургузуу; **установле́ние сове́тской вла́сти** советтик бийликти орнотуу, 3. *офиц. уст* (*устав, закон*) эреже закон.

**УСТАНО'ВЛЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **установи́ть;** 2. *прил.* белгиленген, аныкталган.

**УСТАНО'ВОЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. *тех.* орнотуучу, коюучу; **устано́вочная га́йка** орнотуучу гайка; 2. (*дающий установку, директивный*) көрсөтмө берүүчү, жол көрсөтүүчү; **устано́вочный докла́д** көрсөтмө берүүчү доклад; **устано́вочные те́зисы** жол көрсөтүүчү тезистер.

**УСТАНО'ВЩИК** *м. тех.* орнотуучу, коюучу.

**УСТАРЕВА'ТЬ** *несов. см.* **устаре́ть.**

**УСТАРЕ'ЛОСТЬ** *ж.* эскиргендик; **устаре́лость взгля́дов** көз караштын эскиргендиги.

**УСТАРЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое эскирген, эски; **автомоби́ль устаре́лой констру́кции** конструкциясы эскирген автомобиль; **устаре́лый обы́чай** эскирген адат; **устаре́лые слова́** эскирген сөздөр.

**УСТАРЕ'ТЬ** *сов.* эскирүү; **э́тот уче́бник устаре́л** бул окуу китеби эскирди.

**УСТА'ТЬ** *сов.* чарчоо, чаалыгуу, аруу; **уста́ть от ходьбы́** басып жүрүп чарчоо; **я уста́л ждать** мен күтө берип чарчадым.

**УСТЕЛИ'ТЬ** *сов. разг. см.* **устла́ть.**

**УСТЕРЕ'ЧЬ** *сов. кого-что, разг.* коргоп калуу, сактап калуу; **устере́чь ребёнка от просту́ды** баланы суук тийүүдөн сактап калуу.

**УСТИЛА'ТЬ** *несов. см.* **устла́ть.**

**УСТЛА'ТЬ** *сов. что* жаюу, салуу, төшөө; **устла́ть пол ковра́ми** полдун баарына килем салуу.

**У'СТНО** *нареч.* оозеки; **отве́тить у́стно** оозеки жооп берүү.

**У'СТНЫЙ,** -ая, -ое оозеки; **у́стная речь** оозеки речь; **у́стное наро́дное тво́рчество** элдик оозеки чыгарма; **у́стное вычисле́ние** көңүлдөн эсептөө.

**УСТО'И** *только мн.* негиз, түп; **усто́и о́бщества** коомдун негиздери.

**УСТО'Й** I *м. тех.* (*опора моста*) тирек, түркүк.

**УСТО'Й** II *м. разг.* (*сливки*) каймак, бал каймак.

**УСТО'ЙЧИВОСТЬ** *ж.* туруктуулук, былкылдабастык, бекемдик; **усто́йчивость сове́тской валю́ты** советтик валютанын туруктуулугу.

**УСТО'ЙЧИВЫЙ,** -ая, -ое туруктуу, былкылдабас, бекем; **добива́ться усто́йчивых урожа́ев** туруктуу түшүм алууга жетишүү; **усто́йчивое равнове́сие** туруктуу тең салмактуулук.

**УСТОЯ'ТЬ** *сов.* 1. (*удержаться на ногах*) тура алуу, туруштук берүү; 2. *перен.* (*остаться стойким*) туруштук берүү, чыдай алуу, чыдамдык көрсөтүү.

**УСТОЯ'ТЬСЯ** *сов.* (*о жидкости*) тунуу; **му́тная вода́ устоя́лась** ылай суу тунду.

**УСТРА'ИВАТЬ** *несов. см.* **устро́ить.**

**УСТРА'ИВАТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **устро́иться;** 2. *страд. к* **устра́ивать.**

**УСТРАНЕ'НИЕ** *ср.* четтетүү, четке кагуу, жоюу; алып таштоо; **устране́ние недоста́тков** кемчиликтерди жоюу; **устране́ние от до́лжности** *офиц.* кызматтан четтетүү, кызматтан алып таштоо.

**УСТРАНИ'ТЬ** *сов. кого-что* четтетүү, четке кагуу, жоюу; алып таштоо; **устрани́ть препя́тствия** тоскоолдукту жоюу; **устрани́ть от рабо́ты** иштен алып таштоо.

**УСТРАНИ'ТЬСЯ** *сов.* четтөө; **устрани́ться от дел** иштен четтөө.

**УСТРАНЯ'ТЬ** *несов. см.* **устрани́ть.**

**УСТРАНЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **устрани́ться;** 2. *страд. к* **устраня́ть.**

**УСТРАША'ТЬ** *несов. см.* **устраши́ть.**

**УСТРАША'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **устраши́ться;** 2. *страд. к* **устраша́ть.**

**УСТРАШЕ'НИЕ** *ср.* коркутуу, чочутуу, жүрөк заада кылуу.

**УСТРАШИ'ТЬ** *сов. кого-что* коркутуу, чочутуу, жүрөк заада кылуу; **тру́дности его́ не устраши́ли** кыйынчылыктар аны коркуткан жок.

**УСТРАШИ'ТЬСЯ** *сов. чего* коркуу, чочулоо, жүрөк заада болуу.

**УСТРЕМИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*стремительно двинуть*) бет алдыруу, коё берүү (*катуу, тез жиберүү*); **устреми́ть ко́нницу на проти́вника** аттуу аскерлерди душманга карата бет алдыруу; 2. *перен.* (*направить*) багыттоо, коюу, буруу; **устреми́ть взгляд** көз жиберүү, тиктөө, тигиле кароо; **устреми́ть всё внима́ние** *на кого-что-л.* бардык көңүлдү *бирөөгө же бир нерсеге* буруу.

**УСТРЕМИ'ТЬСЯ** *сов.* 1. (*стремительно двинуться*) умтулуу, бир жакка карап дуу коюу, бет алып катуу жөнөө; **толпа́ устреми́лась на пло́щадь** калың эл аянтты карай бет алып катуу жөнөп калды; 2. *перен.* умтулуу, тигилүү; **все взо́ры устреми́лись к трибу́не** бардык элдин көзү трибунага тигилди.

**УСТРЕМЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. (*действие*) умтулуу, бир жакка карап дуу коюу, бет алып катуу жөнөө; 2. (*цель, намерение*) ниет, максат, талап.

**УСТРЕМЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **устреми́ть.**

**УСТРЕМЛЯ'ТЬСЯ** *несов. см.* **устреми́ться.**

**У'СТРИЦА** *ж.* устрица (*жешке жарай турган деңиз моллюскасынын бир түрү*).

**УСТРОИ'ТЕЛЬ** *м.* уюштуруучу, жасоочу (*мис. концерт уюштуруучу*).

**УСТРОИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **устрои́тель.**

www.bizdin.kg

**УСТРО'ИТЬ** *сов.* 1. *что* (*организовать, создать*) уюштуруу, куруу, жасоо; **устро́ить вы́ставку** көргөзмө уюштуруу; 2. *что* (*наладить*) жайлаштыруу, орундаштыруу; **устро́ить свои́ дела́** өз ишин жайлаштыруу; **устро́ить свою́ жизнь** өзүнүн турмушун куруу; 3. *что* (*учинить*) чыгаруу, салуу; **устро́ить шум** дүрбөлөң салуу; 4. *кого-что* (*поместить, определить куда-л.*) жайлаштыруу, орундаштыруу; 5. *кого, разг.* куруу, түзүү; 6. (*подойти, оказаться удобным*) ылайык келүү, жагыштуу болуу, туура келүү; **э́та рабо́та меня́ устро́ит** бул иш мага ылайык келет; 7. *что, разг.* (*посодействовать в получении, достижении*) кол кабыш кылуу, жардам кылуу, жардамдашуу; **устро́ить биле́т в теа́тр** театрга билет алууга жардам кылуу.

**УСТРО'ИТЬСЯ** *сов.* 1. (*расположиться*) жайлашуу, орундашуу; **устро́иться на но́вой кварти́ре** жаңы квартирага жайлашуу; 2. (*наладиться*) тартипке салынуу, жөнгө салынуу, оңунан чыгуу, оңуна келүү; **всё устро́илось хорошо́** бардыгы оңунан чыкты; 3. *разг.* (*поступить*) орношуу; **он устро́ился на рабо́ту** ал ишке орношту.

**УСТРО'ЙСТВО** *ср.* 1. (*организация чего-л.*) уюштуруу, куруу, жасоо; **устро́йство спекта́кля** спектакль уюштуруу; 2. (*налаживание чего-л.*) жайлаштыруу, орундаштыруу; 3. (*на работу и т. п.*) жайлаштыруу, орундаштыруу; 4. (*строй*) курулуш, түзүлүш; **обще́ственное устро́йство** коомдук түзүлүш; **госуда́рственное устро́йство** мамлекеттик түзүлүш; 5. (*конструкция*) түзүлүш; **устро́йство радиоприёмника** радиоприёмниктин түзүлүшү; 6. (*техническое сооружение, механизм*) курулуш; механизм; **портóвые устро́йства** порттук курулуштар.

**УСТУ'П** *м.* кашат, тепкич, тумшук, урчук; **на усту́пе горы́** тоонун кашатында; **бе́рег реки́ поднима́лся усту́пами** өзөндүн жээги кашат-кашат болуп турду.

**УСТУПА'ТЬ** *несов. см.* **уступи́ть.**

**УСТУПИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *грам.* чегинтме; **уступи́тельный сою́з** чегинтме байламта; **уступи́тельное прида́точное предложе́ние** чегинтме багыныңкы сүйлөм.

**УСТУПИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* кыюу, кыйып берүү, кайрылышуу, берүү, мындай болуу; **уступи́ть ме́сто же́нщине** өзүнүн ордун аялга берүү; 2. (*согласиться, покориться*) макул болуу, көнүү, багынуу; **уступи́ть в спо́ре** талашта макул болуу (*биреөнүн пикирине*); 3. *кому в чём* (*оказаться ниже в каком-л. отношении*) калуу, калышуу; **он не усту́пит други́м в подгото́вке** ал даярдыгы жагынан башкалардан калышпайт; 4. *что* (*продать*) сыйлагандай кылып сатуу; 5. (*отдать дешевле*) баасын кемитүү, арзандатуу, арзан сатуу (*соодалашканда*); **уступи́ть три рубля́** үч сом арзан сатуу.

**УСТУ'ПКА** *ж.* 1. (*соглашение, компромисс*) кыюу, кайрылышуу, эпке келүү, уступка, макул болуу, **идти́ на усту́пки** эпке келүү; 2. *разг.* (*в цене*) төмөндөтүү, ылдыйлатып түшүрүү (*мис. баа, шарт жөнүндө*); **усту́пка в цене́** баасын төмөндөтүү.

**УСТУПООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое кашат-кашат болуп турган, урчук-урчук болуп турган.

**УСТУ'ПЧАТЫЙ,** -ая, -ое *см.* **уступообра́зный.**

**УСТУ'ПЧИВОСТЬ** *ж.* көнгүчтүк, тил алгычтык, эпке көнгүчтүк, макул болгучтук.

**УСТУ'ПЧИВЫЙ,** -ая, -ое көнгүч, тил алгыч, эпке көнгүч, макул болгуч, ыркка көнгүч.

**УСТЫДИ'ТЬ** *сов. кого, разг.* уяткаруу, уялтуу, уят кылуу.

**УСТЫДИ'ТЬСЯ** *сов. кого-чего, разг.* уялуу, уялып калуу, уят болуу; **устыди́ться своего́ поведе́ния** өз жүрүш-турушунан уялуу.

**У'СТЬЕ** *ср.* 1. (*место впадения реки*) суунун деңизге же көлгө куйган жери; **у́стье реки́** өзөндүн куйган жери; 2. (*выходное отверстие*) чыгыш тешик, чыга бериш тешик; **у́стье ша́хты** шахтанын чыга бериш тешиги.

**У'СТЬИЦЕ** *ср. бот.* оозчо (*өсүмдүк кабыгындагы көзгө илээшкис майда тешикчелер; анда газ алмашуу жана буулануу пайда болот*).

**УСУГУ'БИ'ТЬ** *сов. что* күчөтүү, ырбатуу; **усугу́бить вину́** күнөөнү күчөтүү.

**УСУГУ'БИ'ТЬСЯ** *сов.* күчөө, ырбоо.

**УСУГУБЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **усугу́бить.**

**УСУГУБЛЯ'ТЬСЯ** *несов.* 1. *см.* **усугу́биться;** 2. *страд. к* **усугубля́ть.**

**УСУ'ШКА** *ж.* кургоо аркасында салмагы кемүү.

**УСЫ'** *мн.* (*ед.* **ус** *м.*) 1. мурут; 2. *бот.* мурутчалар.

**УСЫЛА'ТЬ** *несов. см.* **усла́ть.**

**УСЫНОВИ'ТЕЛЬ** *м. офиц.* бирөөнүн баласын бала кылып багып алган киши.

**УСЫНОВИ'ТЬ** *сов. кого* уул кылып алуу, уул кылып асырап алуу, уул кылып багып алуу; **усынови́ть ребёнка** баланы уул кылып багып алуу.

**УСЫНОВЛЕ'НИЕ** *ср. офиц.* уул кылып алуу, уул кылып асырап алуу, уул кылып багып алуу.

**УСЫНОВЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **усынови́ть.**

**УСЫПА'ЛЬНИЦА** *ж. уст.* күмбөз.

**УСЫ'ПАТЬ** *сов. что* 1. (*густо посыпать*) төгүү, бетине жайылта төгүү; **доро́жки усы́паны песко́м** жолго жайылта кум төгүлгөн; 2. *перен.* (*усеять, покрыть*) каптоо, басуу; **не́бо усы́пано звёздами** асманды жылдыз каптаган.

**УСЫПА'ТЬ** *несов. см.* **усы́пать.**

**УСЫПИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*снотворный*) уктаткыч; **усыпи́тельное сре́дство** уктаткыч дары; 2. *перен.* (*доводящий до сна*) уйку келтирүүчү; **усыпи́тельный расска́з** уйку келтирүүчү (кызыксыз) аңгеме.

**УСЫПИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого* (*заставить уснуть*) уктатуу; **усыпи́ть ребёнка** баланы уктатуу; **больно́го усыпи́ли пе́ред опера́цией** ооруну операциянын алдында уктатып коюшту; 2. *что, перен.* (*ослабить*) мокотуу; **усыпи́ть боль** ооруну мокотуу; **усыпи́ть подозре́ния** шектенүүнү мокотуу.

**УСЫПЛЕ'НИЕ** *ср.* 1. уктатуу; **усыпле́ние ребёнка** баланы уктатуу; 2. *перен.* мокотуу; **усыпле́ние бди́тельности** кыраакылыкты мокотуу.

**УСЫПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **усыпи́ть.**

**УСЫХА'НИЕ** *ср.* кууроо, кагыроо.

**УСЫХА'ТЬ** *несов. см.* **усо́хнуть.**

**УТА'ИВАТЬ** *несов. см.* **утаи́ть.**

**УТАИ'ТЬ** *сов. что* 1. (*скрыть*) жашыруу, айтпоо, ичте сактоо; **утаи́ть пра́вду** чындыкты жашыруу; 2. (*тайно присвоить*) жымкыруу, жымкырып алуу, уурдап алуу; ◇ **ши́ла в мешке́ не утаи́шь** *посл.* айды этек менен калкалай албайсын.

**УТА'ЙКА** *ж.* 1. жашыруу; **рассказа́ть всё без ута́йки** бардыгын жашырбастан айтып берүү; 2. (*напр. денег*) жымкыруу.

**УТА'ПТЫВАТЬ** *несов. см.* **утопта́ть.**

**УТА'СКИВАТЬ** *несов. см.* **утащи́ть.**

**УТАЩИ'ТЬ** *сов. кого-что, разг.* 1. (*уволочь*) сүйрөп кетүү, сүйрөп алып кетүү, алып кетүү; **утащи́ть мешки́ в сара́й** каптарды сарайга сүйрөп алып кетүү; 2. (*украсть*) уурдап кетүү.

**У'ТВАРЬ** *ж. собир.* эмерек, буюм; **дома́шняя у́тварь** үй эмереги.

**УТВЕРДИ'ТЕЛЬНО** *нареч.* макул таап, кабыл алып; **утверди́тельно кивну́ть голово́й** кабыл алып баш ийкөө.

**УТВЕРДИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое макул тапкан, кабыл алган; **утверди́тельный отве́т** макул тапкан жооп.

**УТВЕРДИ'ТЬ** *сов.* 1. *кого-что* (*признать окончательным*) бекитүү, ырастоо; **утверди́ть план рабо́ты** иш планын бекитүү; **утверди́ть в до́лжности** кызматка бекитүү; 2. *что* (*в мысли, намерении и т. п.*) биротоло ишендирүү.

www.bizdin.kg

**УТВЕРДИ'ТЬСЯ** *сов.* **1.** (*укрепиться*) бекемделүү, чыңдалуу, нык орун алуу; **2.** (*убедиться*) ишенүү; **утвердиться в своём мнении** өз пикиринин тууралыгына ишенүү.

**УТВЕРЖДА'ТЬ** *несов.* **1.** *см.* **утвердить; 2.** (*настойчиво доказывать*) деп эле айтуу, деп эле туруп алуу, далилдөө; **всё утверждает, что он прав** ал өзүнүкүн туура деп туруп алды; **утверждать обратное** тескерисинче далилдөө.

**УТВЕРЖДА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **утвердиться; 2.** *страд. к* **утверждать.**

**УТВЕРЖДЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*признание чего-л.*) бекитүү, ырастоо; **2.** (*укрепление*) бекемдөө, **утверждение социалистической системы хозяйства** чарбанын социалисттик системасын бекемдөө; **3.** (*подтверждение*) ырастоо; **по утверждению свидетелей** күбөлөрдүн ырастоосу боюнча; **4.** (*мнение*) ой, айткан; **правильные утверждения** айткандары туура.

**УТЕКА'ТЬ** *несов. см.* **утечь.**

**УТЁНОК** *м.* өрдөктүн баласы.

**УТЕПЛЕ'НИЕ** *ср.* жылуулоо, жылуу кылуу; **утепление дома** үйдү жылуулоо.

**УТЕПЛЁННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **утеплить; 2.** *прил.* жылууланган, жылуу кылынган.

**УТЕПЛИ'ТЬ** *сов. что* жылуулоо, жылуу кылуу.

**УТЕПЛЯ'ТЬ** *несов. см.* **утеплить.**

**УТЕРЕ'ТЬ** *сов. что* аарчуу, сүртүү; **утереть слёзы** көз жашты аарчуу; **утереть лицо** бетти сүртүү; ◇ **утереть нос** *перен. разг.* тезек тердирүү.

**УТЕРЕ'ТЬСЯ** *сов.* аарчынуу, сүртүнүү; **он утёрся полотенцем** ал сүлгү менен сүртүндү.

**УТЕРПЕ'ТЬ** *сов.* чыдоо; **он не утерпел, чтобы не сказать** ал айтпай коюуга чыдабады.

**УТЕ'РЯ** *ж.* жоготуу; **утеря документов** документтерди жоготуу.

**УТЕРЯ'ТЬ** *сов. что* жоготуу.

**УТЕРЯ'ТЬСЯ** *сов.* жоголуу.

**УТЁС** *м.* зоо, зоока, аска; **стоять как утёс** зоокадай бекем туруу.

**УТЕ'ХА** *ж.* ыракат, жыргал.

**УТЕ'ЧКА** *ж.* **1.** (*потеря*) агып кемүү, сызылып чыгуу, азаюу (*тешиктен агып азаюу*); **утечка газа** газдын сызылып чыгышы; **2.** *перен.* (*убыль*) кемүү, азаюу (*мис. жумушчу күчүнүн азайышы*).

**УТЕ'ЧЬ** *сов.* **1.** агып кемүү, сызылып чыгуу, азаюу; **2.** *перен. разг.* (*миновать*) өтүү, өтүп кетүү; **годы утекли** далай жылдар өттү.

**УТЕША'ТЬ** *несов. см.* **утешить.**

**УТЕША'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *см.* **утешиться; 2.** *страд. к* **утешать.**

**УТЕШЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*действие*) соороотуу, жубатуу; **2.** тынчтантуу; **он нашёл утешение в работе** жумуш анын чөгөт болгон көңүлүн тынчтантты, аны тынчтанткан жумуш болду; **найти слова утешения** сооротқудай сөз табуу.

**УТЕШИ'ТЕЛЬ** *м.* соороттуучу, жубатуучу, көңүл айтуучу.

**УТЕШИ'ТЕЛЬНИЦА** *женск. р. к* **утешитель.**

**УТЕШИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое соороттуучу, жубатуучу; **утешительное известие** жубатуучу кабар.

**УТЕ'ШИТЬ** *сов. кого-что* соороттуу, жубатуу; **утешить ребёнка** баланы соороттуу.

**УТЕ'ШИТЬСЯ** *сов.* сооронуу, жубануу.

**УТИЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* утилизация, утилизациялоо, утилизация кылуу (*бир нерсени пайдалануу, таштанды нерсени керекке жаратуу*).

**УТИЛИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* утилизациялоо, утилизация кылуу; **утилизировать отходы производства** өндүрүштүн таштандыларын утилизациялоо.

**ФАРВА'ТЕР** *м. мор.* фарватер (*суунун, дарыянын кеме жүрө ала турган бөлүгү*); ◇ **быть в фарва́тере** *кого-л.* или **быть в фарва́тере** *чьей-л.* **поли́тики** *бирөөнүн* таасиринин астында болуу, *кимдиндир* саясатынын таасиринин астында болуу.

**ФАРИСЕ'Й** *м.* 1. *ист.* фарисей (*Байыркы Иудеяда — шаардын бай катмарларынын диний-саясий партиясынын мүчөсү*); 2. *перен.* (*лицемер, ханжа*) сопусунган, эки жүздүү, арамза.

**ФАРИСЕ'ЙСКИЙ**, -ая, -ое (*лицемерный*) сопусунгандык, эки жүздүүлүк, арамзалык.

**ФАРИСЕ'ЙСТВО** *ср.* (*лицемерие*) сопусунгандык, эки жүздүүлүк, арамзалык.

**ФАРМАКО'ЛОГ** *м.* фармаколог (*фармакология боюнча специалист*).

**ФАРМАКОЛО'ГИЯ** *ж.* фармакология (*дары заттарынын организмге таасир кылышын текшерүүчү илим*).

**ФАРМАКОПЕ'Я** *ж. мед.* фармакопея (*дарыларды жасаган, сактаган жана аларды жазып берген кезде колдонулуучу милдеттүү эрежелердин жыйнагы*).

**ФАРМАЦЕ'ВТ** *м.* фармацевт (*дарыкананын атайын билими бар кызматчысы*).

**ФАРМАЦЕ'ВТИКА** *ж.* фармацевтика (*дарыларды жасоо, сактоо, жазып берүү жөнүндөгү илим*).

**ФАРМАЦЕВТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **фармацевтика**-*га т.*; фармацевтикалык; **фармацевти́ческий те́хникум** фармацевтикалык техникум.

**ФАРМАЦИ'Я** *ж. см.* **фармаце́втика.**

**ФАРС** *м.* фарс (1. *театр. жеңил мазмундагы оройураак күлкү*; 2. *перен. ыгы жок шылдың, тамаша*).

**ФА'РТУК** *м.* 1. (*передник*) алжапкыч; 2. *тех.* (*чехол, покрышка*) фартук (*бир нерсени каптагыч; велосипед, автомобиль, самолёт дөңгөлөктөрүнүн покрышкасы*).

**ФАРФО'Р** *м.* 1. фарфор (*ак чопонун жогорку сортунан жасалган минералдык масса*); **ва́за из фарфо́ра** фарфордон жасалган ваза; 2. *собир.* (*изделия, посуда*) фарфор (*фарфордон иштеп чыгарылган буюм, идиш-аяк*); **колле́кция ру́сского фарфо́ра** орус фарфорунун коллекциясы.

www.bizdin.kg

**ФАРФО'РОВЫЙ,** -ая, -ое **фарфор**-*го т.*; **фарфоровый чайник** фарфор чайнек; **фарфоровая чашка** фарфор кесе; **фарфоровые изоляторы** *эл.* фарфор изоляторлор, фарфордон жасалган изоляторлор; **фарфоровый завод** фарфор заводу.

**ФАРШ** *м.* фарш (1. *майда тууралган эт*; 2. *тууралып ичине салынган, толтурулган эт, балык ж. б.*).

**ФАРШИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое 1. *прич. от* **фаршировать**; 2. *прил.* фаршталган (*ичине тууралган эт, сабиз, пияз ж. б. салып бышырылган*).

**ФАРШИРОВА'ТЬ** *несов. что* фарштоо (*ичине фарш салып бышыруу*); **фаршировать рыбу** балыкты фарштоо.

**ФАС** *м.* фас (*бир нерсенин өң жагы, бет жагы*).

**ФАСА'Д** *м.* фасад (*үйдүн маңдай, бет жагы*); **дворец пионеров стоит фасадом на площадь** пионерлер дворецинин фасады менен аянтты карап турат.

**ФА'СКА** *ж. тех.* фаска (*миз, мис. кайчынын, балтанын, сүргүнүн*).

**ФАСОВА'ТЬ** *несов. что* фасовкалоо, таңыктоо (*кээ бир товарды санап, салмак жагынан стандарттуу кылып таразалоо жана таңып даярдоо*); **фасовать масло** майды фасовкалоо.

**ФАСО'ЛЬ** *ж.* фасоль (*буурчактын бир түрү*).

**ФАСО'Н** *м.* 1. (*покрой, образец*) фасон (*кийимдин бычуусу, үлгүсү*); **снять фасон** фасонун түшүрүп алуу; **пальто нового фасона** жаңы фасон менен тигилген пальто, жаңы фасондуу пальто; 2. *перен.* (*вид, манера*) фасон (*кебете, түр, манера*); **на новый фасон** жаңы фасон менен, жаңы фасонго салып.

**ФАСО'ННЫЙ,** -ая, -ое *тех.* фасондуу (*кадыресе формада эмес, айрыкча атайы үлгү менен жасалган*); **фасонное железо** фасондуу темир; **фасонный кирпич** фасондуу кирпич.

**ФАТ** *м.* сыланкороз, дардаңкүү.

**ФАТА'** *ж.* фата (*аялдар жамынуучу жеңил кисея же кружево, муну көбүнчө нике кыйган кезде кыз жамынат*).

**ФАТАЛИ'ЗМ** *м.* фатализм (*кишинин тагдыры анын маңдайына жазылып коюлган имиш деген наадандык түшүнүк; бул түшүнүк маданиятсыздыкка, эскичилдикке негизделген*).

**ФАТАЛИ'СТ** *м.* фаталист (*фатализмге ишенген адам*).

**ФАТАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **фатализм**-*ге*, **фаталист**-*ке т.*

**ФАТА'ЛЬНО** *нареч.* фаталдуулук менен, фаталдуу түрдө (*болбой койбогон түрдө*).

**ФАТА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* фаталдуулук (*болбой койбостук*).

**ФАТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое фаталдуу (*болбой койбос*).

**ФА'ТА-МОРГА'НА** *ж.* заакым.

**ФАТОВСКО'Й,** -ая, -ое **фат**-*ка т.*; **фатовской вид** сыланкороздук кейип.

**ФАТОВСТВО'** *ср.* сыланкороздук, дардаңкүүлүк.

**ФА'ТУМ** *м.* фатум, тагдыр (*ырым-жырымга ишенген кишилердин көз карашы боюнча — тагдыр, жазмыш*).

**ФА'УНА** *ж.* фауна (*кандайдыр бир жердин, өлкөнүн же геологиялык доордун бардык түрдөгү айбандарынын жыйындысы*); **фауна Средней Азии очень разнообразна** Орто Азиянын фаунасы абдан ар түрдүү.

**ФАШИ'ЗМ** *м.* фашизм.

**ФАШИ'НА** *ж. тех.* фашина (*сазга жол салуу үчүн төшөлүүчү, плотина курулушу үчүн ж. б. үчүн пайдаланууга боо-боо болуп таңылган чырпык*).

**ФАШИ'СТ** *м.* фашист.

**ФАШИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **фашизм**-*ге*, **фашист**-*ке т.*; фашисттик.

**ФАЭТО'Н** *м.* фаэтон (*жеңил тырашманке араба*).

**ФАЯ'НС** *м.* фаянс (1. *чопонун айрыкча бир сортуна гипс жана башка нерселер катыштырылган ак же түстүү масса*; 2. *собир. ушул массадан жасалган нерселер, буюмдар, идиштер*).

**ФАЯ'НСОВЫЙ,** -ая, -ое **фаянс**-*ка т.*; **фаянсовая посуда** фаянс идиш; **фаянсовые заводы** фаянс заводдору.

**ФЕВРА'ЛЬ** *м.* февраль.

**ФЕВРА'ЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **февраль**-*ге т.*; февралдагы.

**ФЕДЕРАЛИ'ЗМ** *м. полит.* федерализм (1. *өзүнүн өз алдынчалыгын белгилүү даражада сактап калган айрым мамлекеттерди бириктирүүгө негизделген мамлекеттик түзүлүш системасы*; 2. *кээ бир капиталисттик, көбүнчө көп улуттуу капиталисттик өлкөлөрдө, федеративдик мамлекеттик түзүлүш үчүн болуучу кыймыл*).

**ФЕДЕРАЛИ'СТ** *м.* федералист (*федерализмди жактоочу*).

**ФЕДЕРАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **федерализм**-*ге т.*

**ФЕДЕРА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **федерация**-*га т.*; федерациялуу; **федеральное государство** федерациялуу мамлекет.

**ФЕДЕРАТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое федеративдик; **федеративное государство** федеративдик мамлекет.

**ФЕДЕРА'ЦИЯ** *ж.* 1. *полит.* федерация (*өз алдынча болгон мамлекеттерден бириккен бир бүтүн мамлекет*); 2. (*союз*) федерация (*кандайдыр коомдордун же уюмдардын бирикмеси, союзу*); **Всемирная федерация профсоюзов** Профсоюздардын Бүткүл Дүйнөлүк Федерациясы; **Всемирная федерация демократической молодёжи** Демократиялык Жаштардын Бүткүл Дүйнөлүк Федерациясы.

**ФЕЕРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое феериялык (*эң эле укмуштуу сонун; жомоктогудай*); **отсюда открывается феерический вид на горы** бул жерден караганда тоо жак эң эле укмуштуу сонун болуп көрүнөт.

**ФЕЕ'РИЯ** *ж.* феерия (1. *театр. сонун жасалганы талап кылган; укмуштуу маанидеги пьеса*; 2. *перен. эң эле укмуштуу сонун, жомоктогудай көрүнүш*).

**ФЕЙЕРВЕ'РК** *м.* фейерверк (*жалбырт этип өтө жарык күйүмө жеңил жарылма кошунду; бул аскер жана деңиз иштеринде сигнал жана иллюминация үчүн колдонулат*); ◇ **фейерверк слов** сырты эң эле кооз болуп айтылган, бирок ичинде эч мааниси жок коодолгон сөздөр.

**ФЕКА'ЛИИ** *мн.* фекалия (*адамдын заңы*).

**ФЕКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **фекалии**-*ге т.*; фекалиялык; **фекальные удобрения** *с.-х.* фекалиялык жер семирткич.

**ФЕЛЬДМА'РШАЛ** *м. воен.* фельдмаршал (*эски россиялык армияда жана кээ бир чет өлкөлүк армияларда — жогорку согуштук чин*).

**ФЕЛЬДМА'РШАЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **фельдмаршал**-*га т.*; фельдмаршалдык; **фельдмаршальский жезл** фельдмаршалдык жезл.

**ФЕЛЬДФЕ'БЕЛЬ** *м. воен.* фельдфебель (*эски россиялык армияда жана кээ бир чет өлкөлүк армияларда—ротанын командиринин жардамчысы болуп эсептелген старший унтер-офицер*).

**ФЕЛЬДФЕ'БЕЛЬСКИЙ,** -ая, -ое **фельдфебель**-*ге т.*

**ФЕ'ЛЬДШЕР** *м.* фельдшер (*медицинада—кенже кызматкердин наамы*).

**ФЕЛЬДШЕРИ'ЦА** *женск. р. к* **фельдшер.**

**ФЕ'ЛЬДШЕРСКИЙ,** -ая, -ое **фельдшер**-*ге т.*; фельдшердик; **фельдшерская школа** фельдшердик мектеп.

**ФЕЛЬДЪЕ'ГЕРСКИЙ,** -ая, -ое **фельдъегерь**-*ге т.*; фельдъегердик; **фельдъегерская связь** фельдъегердик байланыш.

**ФЕЛЬДЪЕ'ГЕРЬ** *м.* фельдъегерь (*аскердик же өкмөттүк курьер*).

**ФЕЛЬЕТО'Н** *м.* фельетон (*коомдук-саясий, адабий темага чукугандай сөз таап, жеңил тил менен жазылган газета макаласы*).

**ФЕЛЬЕТОНИ'СТ** *м.* фельетонист, фельетончу (*фельетондун автору*).

**ФЕЛЬЕТОНИ'СТКА** *женск. р. к* **фельетонист**; фельетонистка.

**ФЕЛЬЕТО'ННЫЙ,** -ая, -ое **фельетон**-*го т.*; фельетондук; **фельетонный стиль** фельетондук стиль.

www.bizdin.kg

**ФЕМИНИ'ЗМ** *м. полит.* феминизм (*капиталисттик түзүлүштү сактап туруп, аялдардын укугун эркектерге теңөөнү жарыялоочу буржуазиялык саясий агым*).

**ФЕМИНИ'СТ** *м.* феминист (*феминизмди жактоочу*).

**ФЕМИНИ'СТКА** *женск. р. к* **феминист**; феминистка.

**ФЕ'НИКС** *м. миф.* феникс (*байыркы грек мифологиясында — отко өрттөнүп, күлүнөн кайта тирилип кетүүчү касиети бар жомок куш*).

**ФЕНОЛО'ГИЯ** *ж. биол.* фенология (*биологиянын бир бөлүмү; бул бөлүм—өсүмдүктөрдүн жана айбандардын турмушундагы кубулуштардын закон ченемдүүлүгүн жана мезгилдүүлүгүн жана ал кубулуштардын климаттык факторлор менен болгон байланыштардын изилдейт*).

**ФЕНО'МЕН** *м.* феномен (1. *филос. идеалисттик философияда — аң-сезимде гана болот имиш жана объективдик чындыкты көрсөтө албайт имиш делинген субъективдүү кубулуш;* 2. *перен. эң сейрек боло турган, адаттагыдан тышкары болгон кубулуш же сапат*).

**ФЕНОМЕНА'ЛЬНО** *нареч.* укмуш, эң сонун.

**ФЕНОМЕНА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. **феномен** I-ге *т.*; 2. *перен.* (*необычайный, исключительный*) укмуштуу, эң сонун; **у негó феноменáльная пáмять** анын эси укмуштуу, анын эси эң сонун.

**ФЕ'НХЕЛЬ** *м. бот.* фенхель (*эфир майы бар өсүмдүктүн бир түрү*).

**ФЕО'Д** *м. ист.* феод (*орто кылымдарда — феодалдын жери жана доходдору*).

**ФЕОДА'Л** *м. ист.* феодал (*феодализм учурунда — үстөмдүк кылуучу таптын өкүлү, помещик-крепостник*).

**ФЕОДАЛИ'ЗМ** *м. ист.* феодализм (*капитализмден мурунку коомдук-экономикалык формация; бул формация өндүрүш куралдары жана феодалдарга крепосттук көз карандылыкта болуп туруучу дыйкандар феодалдардын жеке менчигинде болууга негизделет*).

**ФЕОДА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **феодализм**-ге *т.*; феодалдык; **феодáльный строй** феодалдык түзүлүш; **феодáльный гнёт** феодалдык эзүү; **феодáльные пережúтки** феодалдык калдыктар.

**ФЕРЗЬ** *м. шахм.* ферзь (*туура карай жана бурч менен каалаган клеткага жүрө алуучу, шахмат ойнундагы күчтүү фигура*).

**ФЕ'РМА** I *ж. с.-х.* ферма (*айыл чарбачылыгынын айрым бир тармагы менен кесиптенүүчү, айрым адистешкен, специализацияланышкан чарба*); **колхóзная фéрма** колхоз фермасы; **овцевóдческая фéрма** кой фермасы; **молóчная фéрма** сүт фермасы.

**ФЕ'РМА** II *ж. тех.* ферма (*түптөрүн бириктирип, айрыкча жол менен жайлаштырылган брустардан, төрт кырдуу устундардан турган инженердик курулуш*); **стальнáя фéрма** болот ферма; **железобетóнная фéрма** темир бетондуу ферма.

**ФЕРМЕ'НТ** *м. биол.* фермент (*жандуу организмдерде пайда болуучу жана организмде химиялык реакциянын болушуна жардам кылуучу татаал органикалык зат*).

**ФЕРМЕНТА'ЦИЯ** *ж.* ферментация (*фермент катышы менен болуучу ар бир процесс, артыкча ачуу, кыжылдоо процесси: мис. вино ачытканда*).

**ФЕ'РМЕР** *м.* фермер (*капиталисттик өлкөлөрдө хутор тибиндеги айыл чарбанын ээси же арендатору*).

**ФЕ'РМЕРСКИЙ**, -ая, -ое **фермер**-ге *т.*; фермердик; **фéрмерское хозя́йство** фермердик чарба, фермер чарбасы.

**ФЕ'РМЕРСТВО** *ср.* 1. (*занятие фермера*) фермердик; 2. *собир.* (*фермеры*) фермерлер.

**ФЕ'РМЕРША** *женск. р. к* **фéрмер**.

**ФЕРРОСПЛА'В** *м. тех.* ферросплав, куйма темир (*татаал болот алуу үчүн темирдин хром, марганец, вольфрам ж. б. менен кошулуп эритилген эритиндиси*).

**ФЕРТ** *м. прост.* кекирейген, чыртыйган, менменсинген киши.

**ФЕ'СКА** *ж.* кызыл топу (*кээ бир Жакын Чыгыш өлкөлөрүндө кийилүүчү кесилген конус формасындагы баш кийим*).

**ФЕСТИВА'ЛЬ** *м.* фестиваль (*мезгил-мезгили менен болуучу искусство майрамы; музыкалык, театрдык искусствону жана киноискусствону көрсөтүү, кароо*); **Всемúрный фестивáль молодёжи** Жаштардын Бүткүл Дүйнөлүк Фестивалы.

**ФЕСТО'Н** *м.* 1. фестон (*көйнөктүн, парданын ж. б. четиндеги ийрек жээк*); 2. *архит.* кооздук (*живопись же гирлянда түрүндө жабыштырылган кооздук*).

**ФЕТИ'Ш** *м.* 1. (*амулет*) фетиш, тумар; 2. *перен.* (*предмет слепого поклонения*) фетиш (*далилсиз эле ыйык, сөзсүз чындык деп таанылган нерсе же кубулуш*).

**ФЕТИШИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* фетишке айландыруу, фетиштештирүү.

**ФЕТИШИ'ЗМ** *м.* фетишизм (1. *ист. байыркы урууларда — буюмга диний табынуу, сыйынуу; бул табынуунун, сыйынуунун калдыгы азыркы диндерде да бар;* 2. *перен. бир нерсеге сокур ишенүүчүлүк, далилсиз эле сыйынуучулук*).

**ФЕТР** *м.* фетр (*кийиздин фабрикада жасалган мыкты сорту*).

**ФЕ'ТРОВЫЙ**, -ая, -ое **фетр**-ге *т.*; **фéтровая шля́па** фетр шляпа.

**ФЕХТОВА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **фехтование**-ге *т.*; **фехтовáльное искýсство** фехтование искусствосу.

**ФЕХТОВА'ЛЬЩИК** *м. спорт.* фехтовальщик (*фехтование кылуучу киши*).

**ФЕХТОВА'НИЕ** *ср. спорт.* фехтование (*найза, кылыч өңдүү куралдар менен жекеме-жеке чыгып кагылышуу-чабышуу формасындагы машыктырма*); **шкóла фехтовáния** фехтование мектеби.

**ФЕХТОВА'ТЬ** *несов. спорт.* фехтование кылуу.

**ФЕШЕНЕ'БЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое жасалгалуу, көрөсөндүү, модалуу (*буржуазиялык коомдо—ак сөөктөрдүн сыпайылыгы, модалуулугу*).

**ФЕ'Я** *ж. миф.* фея, пери, перизат (*Батыш Европанын жомоктук адабиятында — сыйкырчы аял*).

**ФИ** *межд.* пий, түү; **фи, какóй противный!** түү, кандай жаман!

**ФИА'ЛКА** *ж.* фиалка, бинапша (*гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү*).

**ФИА'ЛКОВЫЙ**, -ая, -ое **фиалка**-га *т.*

**ФИА'СКО** *ср. нескл.* фиаско (*иш такыр ордунан чыкпай калып, таш жалак болуу*); **потерпéть фиáско** таш жалак болуу.

**ФИ'БРА** I *ж. анат.* (*жилка*) фибра (*тарамыштын бир талы*); ◇ **всéми фúбрами душú** эң эле, жанынын бардыгынча, жан-дили менен.

**ФИ'БРА** II *ж. тех.* фибра (*прессленген жумшак жана бышык кагаз; бул кагаз чемодан, коробка, портфель сыяктуу нерселерди каптоо үчүн жана бир нерсени изоляция кылуу үчүн колдонулат*).

**ФИ'ГА** I *ж. бот.* анжыр (*жыгачы жана жемиши*).

**ФИ'ГА** II *ж. разг. см.* **кýкиш**.

**ФИГЛЯ'Р** *м.* 1. *уст.* (*фокусник*) куудул, айлакер, маскарапоз; 2. *перен. разг.* фигляр (*кылжыктап, калжаңдап, чоёктоп, өзүнө башкалардын көңүлүн бургусу келген адам*).

**ФИГЛЯ'РИТЬ** *несов. см.* **фигля́рничать**.

**ФИГЛЯ'РНИЧАТЬ** *несов. разг.* фиглярдык кылуу (*башкалардын көңүлүн өзүнө буруу үчүн калжаңдоо, кылжыңдоо, чоёктоо*).

**ФИГЛЯ'РСТВО** *ср.* фиглярчылык (*башкалардын көңүлүн өзүнө буруу үчүн калжаңдоо, чоёктоо, кылжыңдоо*).

**ФИ'ГОВЫЙ**, -ая, -ое **фига** I-ге *т.*; **фúговое дéрево** анжыр жыгачы; ◇ **фúговый листóк** анжыр жалбырагы (*статуяда эркектердин урук мүчөсү жабылуучу жалбырак*); **прикрывáться фúговым листкóм** анжыр жалбырагы

www.bizdin.kg

**ФИКТИ'ВНОСТЬ** *ж.* жалгандык, калптык, анткордук.

**ФИКТИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое жалган, калп, анткор, кара күчкө; **фикти́вные права́** жалган укук; **фикти́вная боле́знь** жалган ооруу, калп оору; ◇ **фикти́вный капита́л** *эк.* фиктивный капитал (*капиталисттик өлкөлөрдө — белгилүү доход бере турган ар түрдүү баалуу кагаздар*).

**ФИ'КУС** *м. бот.* фикус (*дайым жашыл болуп турган, чоң жазы жалбырактуу, комнатага коoздук үчүн колдонулуучу өсүмдүк*).

**ФИ'КЦИЯ** *ж.* **1.** фикция (*чындыкка туура келбеген жана кобүнчө бир белгилүү максат үчүн пайдаланыла турган атайы түзүлгөн абал*); **2.** (*выдумка, вымысел*) жок нерсени ойлоп чыгаруу; жалган, калп, чындыкта жок нерсе.

**ФИЛАНТРО'П** *м.* филантроп (*филантропия менен иришүүчү киши*).

**ФИЛАНТРОПИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **филантропия**-*га т.*; филантропиялык; **филантропи́ческое о́бщество** *уст.* филантропиялык коом.

**ФИЛАНТРО'ПИЯ** *ж.* филантропия (*буржуазиялык «кайыр-садагачылык»; «бей-бечараларга жардам» кылабыз демиш болуп, буржуазиянын эмгекчилерди алдоо жана аларды таптык күрөштөн алагды кылуу үчүн жүргүзгөн чараларынын бири*).

**ФИЛАНТРО'ЛКА** *женск. р. к* **филантро́п**; филантропка.

**ФИЛАРМО'НИЯ** *ж.* филармония (*музыкалык концерттерди уюштуруу аркылуу музыкалык искусствону пропагандалоочу мекеме же коом*).

**ФИЛАТЕЛИ'СТ** *м.* филателист (*почта же герб маркаларын жана кагаз акчаны коллекция кылып жыйноочу адам*).

**ФИЛАТЕЛИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **филателия**-*га т.*; филателиялык; **филателисти́ческий магази́н** филателиялык магазин.

**ФИЛАТЕЛИ'Я** *ж.* филателия (*почта жана герб маркаларынын жана кагаз акчанын коллекцияларын жыйноо жана изилдөө*).

**ФИЛЕ'** I *ср. нескл.* (*вышивка*) филе (*көзөнөк торго сайылган сайма*).

**ФИЛЕ'** II *ср. нескл.* **1.** (*сорт мяса*) карчыга (*карчыганын эти*); **2.** (*рыба, очищенная от костей*) филе (*сөөгү тазаланган эт же балык*).

**ФИЛЕ'ЙНЫЙ** I, -ая, -ое **филе** I-*ге т.*

**ФИЛЕ'ЙНЫЙ** II, -ая, -ое **филе** II-*ге т.*; **филе́йная часть** карчыганын эти.

**ФИЛЁНКА** *ж.* **1.** (*доска, фанера*) филёнка (*бир рамага коюлуучу жука тактай же фанера, мис. каалгага, эшикке*); **дверна́я филёнка** эшик филёнкасы, **2.** *архит.* (*украшение*) филёнка, коoздук (*имараттын дубалына тик бурчтуу рамка сыяктуу жасалган коoздук*).

**ФИЛЁР** *м. уст.* тыңчы (*полициялык тыңчы, полиция тыңчысы*).

**ФИЛИА'Л** *м.* филиал (*бир ишкананын же мекеменин жергиликтүү бөлүмү*); **филиа́л Акаде́мии нау́к СССР** СССР Илимдер Академиясынын филиалы.

**ФИЛИГРА'ННЫЙ**, -ая, -ое **1.** **филигрань**-*га т.*; **2.** *перен.* (*тонкий, тщательный*) өтө чебердик менен иштелген, кылдаттык менен иштелген; **филигра́нная рабо́та** өтө чебердик менен иштелген нерсе.

**ФИЛИГРА'НЬ** *ж.* филигрань (**1.** *эң ичке алтын, күмүш ж. б. сымдардан токулган, тор сыяктуу кооз жасалган зергер буюмдар*; **2.** *суу белги; акчаны же облигацияны жарыкка салып караганда көрүнүүчү тунук белгилер же сүрөттөр*).

**ФИ'ЛИН** *м. зоол.* үкү.

**ФИЛИ'ППИКА** *ж.* филиппика (*бирөөнүн айбын ачып каардануп сүйлөгөн сөз*).

**ФИЛИ'СТЕР** *м. презр.* филистер (*көз карашы тар, өзүнө өзү корстон болгон, мещан көз карашындагы киши*).

**ФИЛИ'СТЕРСКИЙ**, -ая, -ое **филистер**-*ге*, **филистерство**-*го т.*; филистердик.

**ФИЛИ'СТЕРСТВО** *ср. презр.* филистерство, филистердик (*жаңы нерсени обывателдик менен кабыл албоочулук; көз караштын тардыгы, мещандык-филистердик жүрүш-турушу*).

**ФИЛЛОКСЕ'РА** *ж. зоол.* филлоксера (*өсүмдүк бити, бул кээ бир өсүмдүктөргө, айрыкча жүзүмгө чоң зыян келтирет*).

**ФИЛО'ЛОГ** *м.* филолог (*филология жагынан окумуштуу, специалист*).

**ФИЛОЛОГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **филология**-*га т.*; филологиялык; **филологи́ческий факульте́т** филологиялык факультет.

**ФИЛОЛО'ГИЯ** *ж.* филология (*бул же тигил элдин тили жана адабияты жөнүндөгү илимий билимдин жыйындысы*).

**ФИЛО'СОФ** *м.* философ (*философия жагынан окумуштуу*)

**ФИЛОСО'ФИЯ** *ж.* философия (*табияттын, адам коомунун жана ойдун өрчүшүнүн жалпы закондору жөнүндөгү илим*); **материалисти́ческая филосо́фия** материалисттик философия; **идеалисти́ческая филосо́фия** идеалисттик философия.

**ФИЛОСО'ФСКИ** *нареч.* философияга негизделип, философияга негиздеп, философия методу менен.

**ФИЛОСО'ФСКИЙ**, -ая, -ое **философия**-*га т.*; философиялык, **маркси́стский филосо́фский материали́зм** марксисттик философиялык материализм; **филосо́фское иссле́дование** философиялык изилдөө.

**ФИЛОСО'ФСТВОВАТЬ** *несов.* **1.** (*заниматься философскими построениями*) философиялык ой жүргүзүү; **2.** *перен. разг.* жөнү жок ой жүргүзө берүү.

**ФИЛЬДЕКО'С** *м. текст.* фильдекос (*трикотаж буюмдарын жасоого кетүүчү пахтадан ийрилген жибекке окшош жылма жип*).

**ФИЛЬДЕКО'СОВЫЙ**, -ая, -ое **филдекос**-*ко т.*; **фильдеко́совые чулки́** фильдекос чулки, фильдекостон жасалган чулки.

**ФИЛЬДЕПЕ'РС** *м. текст.* фильдеперс (*трикотаж буюмдарын жасоого кетүүчү, жибек сыяктуу пахта жип; фильдекоско окшош, бирок өтө үлбүрөк жип*).

**ФИЛЬДЕПЕ'РСОВЫЙ**, -ая, -ое **фильдеперс**-*ке т.*; **фильдепе́рсовые чулки́** фильдеперс чулки, фильдеперстен жасалган чулки.

**ФИЛЬМ** *м.* **1.** фильм (*сүрөт жана кино тартуу үчүн керек кылынуучу жука, тунук плёнка*); **2.** (*кинокартина*) фильм; **звуково́й фильм** үндүү фильм; **немо́й фильм** үнсүз фильм; **документа́льный фильм** документтүү фильм; **худо́жественный фильм** көркөм фильм; **мультипликацио́нный фильм** мультипликациялык фильм; **хроника́льный фильм** хроникалык фильм.

**ФИЛЬМОТЕ'КА** *ж.* фильмотека (*атайын сакталгычта белгилүү иретте жайлаштырылган киноленталардын жыйындысы*).

**ФИЛЬТР** *м.* фильтр (*суюктукту чыпкалап тазалагыч прибор*); ◇ **светово́й фильтр** *физ.* жарыктык фильтри (*кээ бир нурду өткөрбөй турган прибор; бул — сүрөт тартууда ж. б. колдонулат*).

**ФИЛЬТРА'Т** *м.* фильтрат (*фильтр аркылуу өтүүчү суюктук сүзүндү*).

**ФИЛЬТРА'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*процеживание*) фильтрация (*фильтр аркылуу тазалоо; фильтрден өткөрүп тазалоо*); **2.** (*просачивание*) чыпкалоо, фильтрациялоо (*жөнөкөй зат аркылуу суюктукту чыпкалоо*).

**ФИЛЬТРОВА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **фильтрация**-*га т.*; фильтрациялык; **фильтрова́льная бума́га** фильтрациялык кагаз.

**ФИЛЬТРОВА'ТЬ** *несов. что* фильтирлөө, фильтрациялоо (*фильтрден өткөзүп тазалоо*).

www.bizdin.kg

**ФИМИА'М** *м.* фимиам (1. *түтөтүү үчүн колдонула турган атыр жыттуу зат*; 2. *атыр жыт, жыпар жыт*); ◇ **курить фимиам** *кому-л. бирөөгө* кошамат кылуу, жалпалактоо; жерге, суугa тийгизбей мактоо; обу жок мактоо.

**ФИН-** *«финансы»* (*акча*) *маанисинде айтылуучу кыскартылган сөз*; *мис.* **финотдел** финансы бөлүмү.

**ФИНА'Л** *м.* 1. (*завершение*) финал (*бир иштин корутундусу, натыйжасы, акыры, аягы, аякталышы*); **блестящий финал** эң сонун финал; 2. *муз.* финал (*чоң музыкалык чыгарманын акыркы корутунду бөлүмү*); 3. *спорт.* финал (*мелдешүүчү спорт командасынын же спортсмендердин акыркы жолугушуусу*); **финал шахматного чемпионата СССР** СССР шахмат чемпионатынын финалы.

**ФИНА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **финал**-*га т.*; финалдык, акыркы, **финальный аккорд** финалдык аккорд, акыркы аккорд; **финальное футбольное состязание** финалдык футболдук мелдеш.

**ФИНАНСИ'РОВАНИЕ** *ср.* финансылоо (*ишкана же мекемелерге акча каражатын берүү*); **финансирование народного хозяйства** эл чарбасын финансылоо.

**ФИНАНСИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* финансылоо (*ишкана же мекемелерге акча каражатын берүү*); **финансировать завод** заводду финансылоо.

**ФИНАНСИ'СТ** *м.* финансист (1. *финансы маселесин билгич киши*; 2. *ири капиталист, банкир*).

**ФИНА'НСОВО-ПРОМЫ'ШЛЕННЫЙ,** -ая, -ое финансылык-өнөр жайлык.

**ФИНА'НСОВЫЙ,** -ая, -ое **финансы**-*га т.*; финансылык; **финансовый отдел** финансы бөлүмү; **финансовый год** финансы жылы; **финансовая политика** финансы саясаты; **финансовый вопрос** финансы маселеси.

**ФИНА'НСЫ** *только мн.* финансы (*акча-каражаттары*); **государственные финансы** мамлекеттик финансы.

**ФИ'НИК** *м.* курма.

**ФИ'НИКОВЫЙ,** -ая, -ое **финик**-*ке т.*; **финиковая пальма** курма пальмасы, курма жыгачы.

**ФИНИНСПЕ'КТОР** *м.* (финансовый инспектор) фининспектор (финансы инспектору).

**ФИНИ'ФТЕВЫЙ,** -ая, -ое **финифть**-*ке т.*

**ФИНИ'ФТЬ** *ж.* финифть (*металл буюмдардын сыртына жана кооздук үчүн фарфорго сыйпалуучу эмаль*).

**ФИ'НИШ** *м. спорт.* 1. (*заключительная часть состязания*) финиш (*жарыш мелдешинин акыркы бөлүмү*); **бегун на финише ускорил темп** жүгүргүч финишке жакындаганда темпин тездетти; 2. (*конечный пункт*) финиш (*акыркы пункт, чек*); **первым прийти к финишу** финишке биринчи болуп келүү.

**ФИНИШИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* финишке келүү (*мелдешти бүтүү, чекке келүү*); **конькобежец финишировал в бурном темпе** коньки тебүүчү финишке мыкты темп менен келди.

**ФИ'НИШНЫЙ,** -ая, -ое **финиш**-*ке т.*; **выйти на финишную прямую** финишке чыгуу.

**ФИ'НКА** I *женск. р. к* **финн**; финка.

**ФИ'НКА** II *ж разг.* финка (1. *бычактын бир түрү*; 2. *тумак*; *тышы булгаары, кайруусу түшүрүлмө тегерек тумак*).

**ФИНН** *м.* финн.

**ФИ'ННА** *ж. зоол.* финна (*жаныбарлардын булчуңдарында жашоочу кызыл курт*).

**ФИННО'З** *м. мед., вет.* финноз (*финна куртунан оруган кишинин жана жаныбарлардын оорусу*).

**ФИ'ННЫ** *мн.* финндер.

**ФИНОТДЕ'Л** *м.* (финансовый отдел) финансы бөлүмү.

**ФИ'НСКИЙ,** -ая, -ое **Финляндия**-*га*, **финн**-*ге т.*; **финский язык** финн тили.

**ФИНТИ'ТЬ** *несов. разг.* кууланув, амал кылуу, айла кылуу.

**ФИНТИФЛЮ'ШКА** *ж. разг.* пайдасыз майда жасалга (*оюнчук өңдүү майда буюмдар*).

**ФИОЛЕ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое кызгылт көк; **фиолетовые чернила** кызгылт көк сыя.

**ФИО'РД** *м. геогр.* фиорд (*деңиздин кууш жана кургактыкка көбүрөөк чыгып турган кашаты, жардуу булуңу*).

**ФИ'РМА** *ж.* 1. фирма (*капиталисттик соода же өнөр жайлык ишкана*); 2. *перен. разг.* (*прикрытие, предлог*) жок шылтоо, калп нерсе.

**ФИ'РМЕННЫЙ,** -ая, -ое **фирма** 1-*ге т.*; **фирменный знак** фирма белгиси.

**ФИРН** *м. геол.* фирн (*мөңгүнүн башындагы берметтей ири бүртүктүү жалтырак муз*).

**ФИСГАРМО'НИЯ** *ж. муз.* фисгармония (*клавишалуу, үйлөмө көөрүгү бар музыкалык инструмент*).

**ФИСК** *м. уст.* фиск (*мамлекет казнасы*).

**ФИСКА'Л** *м. разг.* 1. *ист.* фискал (*Пётр I убагында көбүнчө финансы жана сот иштери жагынан мекемелердин жана адамдардын иштерине байкоо жүргүзүп турган чиновник*); 2. *разг. презр.* ушакчы, сөз ташуучу.

**ФИСКА'ЛИТЬ** *несов. разг.* ушактоо, сөз ташуу.

**ФИСКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **фиск**-*ке т.*; фисктик; **фискальные доходы** фисктик (*мамлекеттик*) доходдор.

**ФИСКА'ЛЬСТВО** *ср. разг. презр.* ушактоочулук, сөз ташуучулук.

**ФИСТА'ШКА** *ж.* мисте (*жыгачы жана жемиши*).

**ФИСТА'ШКОВЫЙ,** -ая, -ое 1. **фисташка**-*га т.*; **фисташковое дерево** мисте жыгачы; 2. (*о цвете*) мисте түстүү (*ачык жашыл түстүү*); **фисташковое платье** мисте түстүү көйнөк.

**ФИ'СТУЛА'** I *ж. мед.* (*свищ*) фистула (*денеде оорудан пайда болгон тешик*).

**ФИ'СТУЛА'** II *ж.* (*высокий голос*) ичке үн; **петь фистулой** ичке үн менен ырдоо.

**ФИТИ'ЛЬ** *м.* 1. билик; **ламповый фитиль** лампанын билиги; 2. *воен.* милте (*дүрмөттүн атылышы үчүн ылайыкталган милте*).

**ФИ'ШКА** *ж.* фишка (*кээ бир оюндарда — катышуучулардын колуна бериле турган марка, кубик сыяктуу керселер; бул — оюн бүткөнчө — очко ордуна жүрөт*).

**ФЛАГ** *м.* желек; **государственный флаг** мамлекеттик желек; **поднять флаг** желек көтөрүү; ◇ **остаться за флагом** максатына жетпөө, бир жакка жиберилбөө, бир нерсе иштөөгө уруксат ала албоо; **под флагом** 1) туунун астында; 2) *перен.* демиш болуп, аты менен, өзүнүн чыныгы ниетин жашырып; **выкинуть флаг** желек орнотуу, желек саюу.

**ФЛАГ-КАПИТА'Н** *м. мор.* флаг-капитан (*флагман штабынын начальниги*).

**ФЛА'ГМАН** *м. мор., ав.* флагман (1. *отряд же эскадра командири*; 2. *отряддын же эскадранын командири жүргөн деңиз же аба кемеси*).

**ФЛА'ГМАНСКИЙ,** -ая, -ое **флагман**-*га т.*; **флагманский корабль** флагман кемеси; *см.* **флагман** 2.

**ФЛАГ-ОФИЦЕ'Р** *м. мор.* флаг-офицер (*флагман штабынын адъютанты*).

**ФЛАГШТО'К** *м.* флагшток (*желек сабы*).

**ФЛАЖО'К** *м.* желекче (*кездемеден, кагаздан же каңылтырдан жасалган кичине желек*); **сигнальный флажок** сигнал желекчеси.

**ФЛАКО'Н** *м.* флакон (*кичинекей бөтөлкө*); **флакон духов** бир флакон атыр.

**ФЛАМИ'НГО** *м. нескл. зоол.* фламинго (*кытан окшогон куштун бир түрү*).

**ФЛАНГ** *м. воен.* фланг (*армиянын турушунда оң жана сол жагы; строй, катардын оң жана сол жак учу*); **правый фланг** оң фланг; **левый фланг** сол фланг; **ударить во фланг** флангага уруу; **обойти противника с фланга** душмандын флангасынан айланып өтүү; **охват флангов** флангаларды курчап алуу.

www.bizdin.kg

**ФЛАНГО'ВЫЙ,** -ая, -ое **фланг**-*га т.*; флангалык; **фланго́вый уда́р** флангадан болгон сокку; **фланго́вое движе́ние** флангалык кыймыл.

**ФЛАНЕ'ЛЕВЫЙ,** -ая, -ое **фланель**-*ге т.*; **флане́левая руба́шка** фланель көйнөк.

**ФЛАНЕ'ЛЬ** *ж. текст.* фланель (*сейрек түктүү же түксүз кездеменин бир түрү*).

**ФЛАНЁР** *м. разг. пренебр.* фланёр (*жумуш кылбай эле сайрандап жүрүүчү; максатсыз эле майрамдап, бекер басып жүрүүчү киши*).

**ФЛАНИ'РОВАТЬ** *несов. разг. пренебр.* максатсыз эле майрамдап, бекер басып жүрүү.

**ФЛАНК** *м. воен.* фланк (*коңшулаш чептин кире бериш жактарын шкылап турууга арналган, чептик тосмонун же талаа чыңдоосунун көп чоң болбогон түз сызыктуу участогу*).

**ФЛАНКИ'РОВАНИЕ** *ср. воен.* фланкировкалоо; *см.* **фланки́ровать.**

**ФЛАНКИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что, воен.* **1.** (*обстрелять с фланго*в) фланкировкалоо, флангдан аракет кылуу (*душманды капталынан, бөйрөгүнөн аткылоо*); **2.** (*защитить с флангов*) фланг жагынан коргоо.

**ФЛАНКИРО'ВКА** *ж.* фланкировка, фланкировкалоо; *см.* **фланки́ровать.**

**ФЛЕ'ГМА** *ж.* **1.** (*невозмутимость*) шашпагандык, камаарабастык; **2.** *перен. разг.* (*невозмутимый человек*) шашпаган адам, камаарабаган адам, кебелбеген адам.

**ФЛЕГМА'ТИК** *м.* шашпаган адам, камаарабаган адам, кебелбеген адам.

**ФЛЕГМАТИ'ЧНО** *нареч.* шашпастык менен, камаарабагандык менен, кебелбестик менен.

**ФЛЕГМАТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* шашпагандык, камаарабагандык, кебелбестик.

**ФЛЕГМАТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое шашпаган, камаарабаган, кебелбеген; **флегмати́чный хара́ктер** камаарабаган мүнөз.

**ФЛЕГМО'НА** *ж. мед.* флегмона (*теринин асты ириңдеп сезгенип кетиши*).

**ФЛЕ'ЙТА** *ж. муз.* флейта, най (*музыкалык инструмент*).

**ФЛЕЙТИ'СТ** *м.* флейтачы, найчы (*флейтага ойноочу, флейта тартуучу*).

**ФЛЕ'КСИЯ** *ж. лингв.* **1.** флексия (*сөздүн аягын өзгөртүү аркылуу жаңы форма жасоо жолу*); **2.** флексия (*жөндөлгөндө, жакталганда сөздүн өзгөрүп туруучу аягы*); **вну́тренняя фле́ксия** ички флексия (*грамматикалык формаларды түзүү үчүн сөздүн уңгусундагы тыбыштардын алмашып турушу*).

**ФЛЕКТИ'ВНЫЙ,** -ая, -ое **флексия**-*га т.*; флексиялык (*грамматикалык форма флексиянын жардамы менен курулуучу*); **флекти́вные языки́** флексиялык тилдер.

**ФЛЁР** *м.* **1.** флёр (*улбүрөк жука ткань*); **2.** *перен.* (*покров таинственности*) бүлбүлдөгөн парда.

**ФЛИ'ГЕЛЬ** *м.* флигель (**1.** *чоң үйдүн короосуна курулган кичине үй — киши туруучу кичине үй;* **2.** *короодогу үй*).

**ФЛИ'ГЕЛЬ-АДЪЮТА'НТ** *м. воен. уст.* флигель-адъютант (*падышалык Россияда — падышанын свитасына алынган офицер*).

**ФЛИРТ** *м.* флирт (*курулай ашыктык, чыныгы сезимсиз ашыктык*).

**ФЛИРТОВА'ТЬ** *несов. с кем* флирттөө (*курулай ашык болуп жүрүү, чыныгы сезимсиз ашык болуу, ашык болумуш болуп жүрүү*).

**ФЛОКС** *м. бот.* флокс (*гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү*).

**ФЛО'РА** *ж.* флора (*кайсы бир жердин, өлкөнүн же геологиялык мезгилдин өсүмдүктөрүнүн түрлөрүнүн жыйындысы*).

**ФЛОТ** *м.* **1.** флот (*бир нерсеге арналган же бир нерсеге таандык болгон кемелердин жыйындысы*); **вое́нно-морско́й флот** согуш-деңиз флоту; **морско́й флот** деңиз флоту; **речно́й флот** дарыя флоту; **торго́вый флот** соода флоту; **2.** флот (*согуш-деңиз кемелеринин ири бирикмеси*); ◇ **возду́шный флот** аба флоту (*бир мамлекеттин самолёттовунун, дирижаблдеринин ж. б. жыйындысы*).

**ФЛОТИ'ЛИЯ** *ж. мор.* **1.** флотилия (*бир дарыядагы, көлдөгү согуш кемелеринин жыйындысы*); **2.** флотилия (*кемелердин отряды*); **китобо́йная флоти́лия** кит уулоочу флотилия.

**ФЛОТОВО'ДЕЦ** *м.* флотоводец (*деңиз согуш флотунун начальниги*).

**ФЛО'ТСКИЙ,** -ая, -ое **1. флот**-*ко т.*; **фло́тский экипа́ж** флот экипажы (*флот командасын толуктап турууга арналган жээктеги бөлүм*); **2.** *в знач. сущ. м. разг.* (*матрос*) матрос.

**ФЛУОРЕСЦЕ'НЦИЯ** *ж. физ.* флуоресценция (*жарыктын таасири менен кээ бир заттардын өзүнөн жарык чыгышы*).

**ФЛУОРЕСЦИ'РОВАТЬ** *несов. физ.* флуоресценция кубулушу билинүү.

**ФЛЮГА'РКА** *ж.* **1.** *см.* **флю́гер** 1; **2.** (*на шлюпке*) желекче (*кайыктагы желекче; бул желекче кайыктын кайсы кемеге тиешелүү экендигин билдирет*); **3.** (*на трубе*) флюгарка (*шамал болгондо түтүндүн чыгышын жеңилдетүү үчүн мордун учуна кийгизиле турган айлангыч темир керней*).

**ФЛЮ'ГЕР** *м.* **1.** (*флажок*) флюгер (*шамалдын багытын көрсөтүүчү мачтада тегеренип туруучу желекче, пластинка*); **2.** *воен.* желекче (*найзадагы желекче*); **3.** *перен. разг.* флюгер, туруксуз (*өз пикирин, ишенимин тез-тез өзгөртүп туруучу киши*).

**ФЛЮС I** *м. мед.* (*нарыв*) флюс (*оору тиштин түбүндөгү ириңдеген көңдөй; бул — бетти шишитет*).

**ФЛЮС II** *м. тех.* (*плавень*) флюс (*руданы эриткенде, анын эритилишин күчөтүү үчүн катыштырылуучу зат*).

**ФЛЯ'ГА** *ж.* фляга (*суюк нерсени куюп ала жүрүүчү айнек же металлдан жасалган жалпак идиш*); **по́ходная фля́жка** походдо алып жүрүүчү фляга.

**ФЛЯ'ЖКА** *ж.* фляжка; *см.* **фляга.**

**ФОЙЕ'** *ср. нескл.* фойе (*театр, кино, циркте*г*и оюн көрүүчүлөр антракт убагында эс алууга арналган зал*).

**ФОКСТЕРЬЕ'Р** *м.* фокстерьер (*аңчылыкта пайдаланыла турган кыска куйруктуу кичине ит*).

**ФОКСТРО'Т** *м.* фокстрот (*эки-экиден болуп бийлей турган бийдин бир түрү жана анын музыкасы*).

**ФО'КУС I** *м.* **1.** *физ.* фокус (*томпок же кабырыңкы айнек аркылуу өтүп чагылган же сынган шоолалардын кесип өткөн точкасы*); **2.** *фото* фокус (*сүрөткө тартылган предмет, сүрөттө даана көрүнүүчү точка*); **3.** *мед.* фокус (*организмдеги оору процессинин очогу*); **4.** *перен.* (*средоточие, центр*) борбор; **фо́кус землетрясе́ния** жер титирөөнүн борбору.

**ФО'КУС II** *м.* **1.** (*ловкий приём, трюк*) фокус (*айлалуу, амалдуу, укмуштуу, таң калтыруучу амалдар*); **пока́зывать фо́кусы** фокустарды көрсөтүү; **2.** *перен. разг.* (*хитрость, уловка*) кылык-жорук, куулук, амал.

**ФО'КУСНИК** *м.* **1.** фокусчу, көз боёочу; **2.** *разг.* (*капризный человек*) кежир.

**ФО'КУСНИЧАНЬЕ** *ср. разг.* **1.** (*капризы*) кежирленүү; **2.** (*хитрости*) куулук кылуу, амалдануу.

**ФО'КУСНИЧАТЬ** *несов. разг.* **1.** (*капризничать*) кежирленүү; **2.** (*хитрить*) куулук кылуу, амалдануу, амал кылуу.

**ФОЛИА'НТ** *м. уст.* фолиант (**1.** *жарты барак форматындагы китеп;* **2.** *жалпы эле чоң форматтагы калың китеп*).

**ФО'ЛЬГА** *ж.* фольга (*күзгү жасай турган өндүрүш жайларында ж. б. колдонулуучу жукжука металл*); **золота́я фо́льга** алтын фольга.

www.bizdin.kg

**ФОЛЬКЛО'Р** *м.* фольклор (1. *оозеки эл адабияты;* 2. *элдердин турмушундагы диний көз караштардын, урп-адатынын, салтынын ж. б. кубулуштардын жыйындысы*).

**ФОЛЬКЛОРИ'СТ** *м.* фольклорист (*фольклор жагынан специалист-окумуштуу*).

**ФОЛЬКЛОРИ'СТИКА** *ж.* фольклористика (*фольклор жөнүндөгү илим*).

**ФОН I** *м.* 1. фон (*үстүнө картина тартыла турган негизги түс жана да сүрөттүн, картинанын арткы планы*); **на голубо́м фо́не не́ба** асмандын көгүлдүр фонунда; 2 *перен.* (*обстановка, среда*) айлана, чөйрө.

**ФОН II** *м. эл., радио* фон (*телефон трубкасындагы, радиоаппараттагы, репродукторлогу чуулдаган, дырылдаган, тарсылдаган жат тыбыш*).

**ФОНА'РИК** *м. уменьш. от* **фона́рь** фонарча, кичинекей фонарь; **карма́нный фона́рик** чөнтөк фонарча.

**ФОНА'РНЫЙ,** -ая, -ое **фонарь**-*га т.*; **фона́рный столб** фонарь орнотулган мамы (столб).

**ФОНА'РЩИК** *м.* фонарчы (*фонарды жагуучу, жандыруучу жана анын оңдугуна көз салуучу жумушчу*)

**ФОНА'РЬ** *м.* 1. фонарь (*панар*); **у́личный фона́рь** көчө фонары; **ручно́й фона́рь** кол фонары; 2. *архит.* (*стеклянный просвет в крыше*) фонарь (*жарык болуп туруу үчүн үйдүн төбөсүнө коюлган айнек*); 3. *архит.* (*остеклённый выступ*) фонарь (*бир нерсенин айнектелип, уруюп тышка чыгып турган жери*); 4. *разг.* (*синяк под глазом*) көздүн алдындагы көк ала; **поста́вить фона́рь** көздүн алдын көгөртө коюу; ◇ **волше́бный фона́рь** *см.* **волше́бный.**

**ФОНД** *м.* 1. (*денежные средства*) фонд (*акча каражаттары*); **фонд социалисти́ческого накопле́ния** социалисттик накоплениенин фондусу; **фонд зарпла́ты** кызмат акы фондусу; **недели́мый фонд колхо́за** колхоздун бөлүнбөс фондусу; **золото́й фонд** алтын фондусу (1) *алтын акча запасы;* 2) *перен. бир нерсенин эң кымбаттуу бөлүгү*); 2. (*запасы*) фонд (*запастар*); **семенно́й фонд колхо́за** колхоздун үрөн фондусу; **зернофура́жный фонд колхо́за** колхоздун жем-чөп фондусу; **жило́й фонд** турак үй фондусу; **основно́й слова́рный фонд** *лингв.* негизги сөздүк фонд; 3. **фо́нды** *мн. эк.* (*ценные бумаги*) фонддор (*белгилүү бир доход келтирүүчү баалуу кагаздар*); 4. **фо́нды** *мн. эк.* (*накопления, отчисления*) фонддор (*белгилүү максат үчүн жасалган накоплениелер, отчислениелер*); 5. **фо́нды** *мн. перен. разг.* (*шансы*) фонддор (*ийгиликке алып баруучу мүмкүндүктөр*); **его́ фо́нды упа́ли** анын фонддору төмөн түштү (*анын абийри, бедели, ийгиликке алып бара турган шарттары кемиди*).

**ФО'НДОВЫЙ,** -ая, -ое **фонд**-*го т.*; фондулук; **фо́ндовый капита́л** фонд капиталы (*баалуу кагаздар түрүндөгү капитал*); **фо́ндовая би́ржа** *см.* **би́ржа.**

**ФО'НДЫ** *только мн. см.* **фонд** 3, 4, 5.

**ФОНЕ'МА** *ж. лингв.* фонема (*сөздүн маанисин өзгөртүүчү тыбыш*).

**ФОНЕ'ТИКА** *ж. лингв.* фонетика (1. *тил илиминин бир бөлүмү, бул—тилдин тыбыштык курулушун изилдейт;* 2. *тилдин тыбыш составы*).

**ФОНЕТИ'СТ** *м.* фонетист (*фонетика боюнча специалист*).

**ФОНЕТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **фонетика**-*га т.*; фонетикалык; **фонети́ческая транскри́пция** фонетикалык транскрипция (*ооздон чыккан сөздү өтө эле так жазып алуу максаты менен колдонулуучу тамгалар системасы*).

**ФОНОГРА'ММА** *ж.* фонограмма (*ооздон чыккан тыбыш жазылып алынуучу плёнка, пластинка же валик*).

**ФОНО'ГРАФ** *м.* фонограф (*ооздон чыккан тыбышты жазып алуучу прибор*).

**ФОНОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **фонограф**-*ка т.*; **фонографи́ческая за́пись ре́чи** речти фонограф менен жазуу.

**ФОНТА'Н** *м.* 1. фонтан (*оргума; бир тешиктен оргуп, атырылып чыккан суюктук*); **нефтяно́й фонта́н** нефть фонтаны; **бить фонта́ном** фонтан болуп оргуу, фонтан болуп атырылуу; 2. *перен.* фонтан (*бир нерсенин көп, мол болуп, токтобостон чыгып турушу, көрүнүшү*); **фонта́н красноре́чия** чечендиктин фонтаны.

**ФОНТАНИ'РОВАТЬ** *несов. тех.* оргуштоо, атылуу, оргуштап чыгуу, атырылып чыгуу; **нефть фонтани́рует** нефть оргуштап чыгып жатат.

**ФОРЕ'ЛЬ** *ж.* форель (*көк чаар, алабуга балыктын бир түрү*).

**ФО'РМА** *ж.* 1. (*внешний вид*) форма (*тышкы көрүнүш, түр, кебете*); **име́ть фо́рму ша́ра** шар формасында болуу; **прида́ть фо́рму** формага келтирүү; 2. (*устройство, строение, структура*) форма (*түзүлүшү, курулушу, белгилүү тартип*); **диалекти́ческое еди́нство фо́рмы и содержа́ния** форма менен мазмундун диалектикалык бирдиги; **фо́рма хозя́йства** чарбанын формасы; **фо́рма правле́ния** башкаруу формасы; **фо́рма организа́ции труда́** эмгекти уюштуруу формасы; 3. (*однотипная одежда*) форма (*аскер кызматчылары же мекеме кызматчылары жана окуучулар милдеттүү түрдө кийүүчү кийимдин түрү*); **вое́нная фо́рма** аскердик форма; **пара́дная фо́рма** парад формасы; 4. *тех.* калып; **фо́рма для отли́вки** куймалын калыбы; 5. *канц.* форма (*бир нерсенин белгиленген үлгүсү*); **сведе́ния по фо́рме № 3** № 3 форма боюнча берилген (берилүүчү) маалымат; 6. *полигр.* форма (*типографиялык набор ичине коюлуп бекитиле турган рама*); **печа́тная фо́рма** печать формасы, печаттык форма; **две фо́рмы уже́ отпеча́таны** эки форма басылып бүттү; 7. *перен.* (*видимость, формальность*) форма (*сырткы көрүнүшү үчүн гана, кайдигер иштелген нерсе; формалдуулук*); **не сле́дует де́лать что́-либо то́лько ра́ди фо́рмы** бир нерсени форма үчүн гана иштебөө керек; 8. **фо́рмы** *мн. разг.* (*очертания фигуры*) формалар (*фигуранын сөлөкөтү, карааны*); **изя́щные фо́рмы** көркөм формалар; 9. **фо́рмы** *мн. грам.* формалар (*грамматикалык категорияларды жана речтеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн бири-бири менен байланышын берүүнүн жолу*); **фо́рмы сло́ва** сөздүн формалары; **фо́рмы словоизмене́ния** сөздүн өзгөрүшүнүн формалары; ◇ **быть в фо́рме** өзүнүн бардык күчүн, жөндөмдүүлүгүн, билгенин көрсөтүүгө даяр абалда болуу; **шахмати́ст се́годня не в фо́рме** шахматист бүгүн өзүнүн бардык күчүн, жөндөмдүүлүгүн, билимин көрсөткүдөй абалда эмес.

**ФОРМАЛИ'ЗМ** *м.* формализм (1. *филос.* *идеалисттик философияда — теорияны практикадан ажыратуунун негизинде форманы мазмундан ажыратуу;* 2. *иск. искусстводогу, адабияттагы жана башкалардагы реакциячыл, идеалисттик багыт — чыгармачылыктын идеялык мазмунун, анын формасынан ажыратып, формага гана маани берүүчү, формага гана көңүл буруучу реакциячыл багыт;* 3. *сырткы формасына карап отуруп, ички мазмунуна зыян келтирүүчүлүк; формалдуу мамиле*).

**ФОРМАЛИ'Н** *м. хим., фарм.* формалин (*дезинфекция үчүн колдонулуучу дарынын бир түрү*).

**ФОРМАЛИ'НОВЫЙ,** -ая, -ое **формалин**-*ге т.*

**ФОРМАЛИ'СТ** *м.* формалист (1. *иск. формализмди жактоочу;* 2. *иштин мазмунуна зыян келтирип, ишке формалдуулук менен, кайдигер мамиле кылуучу киши*).

**ФОРМАЛИ'СТИКА** *ж. разг.* формалистика (*формалдуулук, формалдуу мамиле, сырткы формалдуулук*).

**ФОРМАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **формализм**-*ге т.*; формалисттик; **боро́ться с формалисти́ческими извраще́ниями в иску́сстве** искусстводогу формалисттик бурмалоолорго каршы күрөшүү.

**ФОРМА'ЛЬНО** *нареч.* формалдуулук менен, формалдык түрдө, кайдигер, форма жагынан (*маани жагынан эмес*); **форма́льно подойти́ к вопро́су** маселеге формалдуулук менен (кайдигер) мамиле кылуу.

www.bizdin.kg

**ФОРМА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* формальность, формалчылык (*форма жагы, бир ишти аткарууда керектүү болгон сырткы шарттарды орундоо, мис. почтадан акча алгандар паспортту көрсөтүп, номерин жазып, кол коюу ж. б.*); **соблюда́ть все форма́льности** бардык формальностуну сактоо; **пуста́я форма́льность** курулай формальность; **приде́рживаться форма́льностей** формальносттукту колдонуу.

**ФОРМА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1. форма** *9-го т.*, **форма́льный ана́лиз стихотворе́ния** ырды форма жагынан анализдөө; **2.** (*основанный на принципах формализма*) формалдык (*формализмдин принциптерине негизделген*); **форма́льная ло́гика** формалдык логика; **3.** (*согласно закону*) законго ылайык, закон боюнча; **форма́льный разво́д** законго ылайык ажырашуу (*эр менен аялдын законго ылайык ажырашуусу*); **4.** (*существующий только по видимости*) формалдуу (*тышкы көрүнүшү үчүн гана жашаган*); **форма́льные права́** формалдуу укуктар; **5.** (*об отношении и т. п.*) формалдуу, кайдигер (*мамиле жөнүндө*); **форма́льное отноше́ние к де́лу** ишке формалдуу мамиле кылуу (*ишке устүртөн мамиле кылуу*).

**ФОРМА'Т** *м. полигр.* формат (*китептин, барак кагаздын ж. б. өлчөмү, чоң-кичинелиги*); **большо́й форма́т** чоң формат.

**ФОРМА'ЦИЯ** *ж.* **1.** формация (*коомдун өрчүшүндөгү белгилүү бир баскыч жана өрчүштүн ушул баскычына туура келүүчү структура*); **обще́ственно-экономи́ческая форма́ция** коомдук-экономикалык формация; **социалисти́ческая форма́ция** социалисттик формация; **2.** *перен.* формация (*көз караштардын системасы; мүнөздүү өзгөчөлүктөр жыйындысы*); **лю́ди но́вой форма́ции** жаңы формациянын кишилери, жаңы формациялык кишилер; **3.** *геол.* формация (*бир доорго жатуучу геологиялык катмарлардын жыйындысы*).

**ФО'РМЕННЫЙ,** -ая, -ое **1. форма** *3-кө т.*; формалуу; **фо́рменная оде́жда** форма кийим, формалуу кийим; **2.** *перен. разг.* (*сущий*) барып турган, анык, таптакыр; **он фо́рменный плут** ал анык митаам, ал барып турган митаам.

**ФОРМИРОВА'НИЕ** *ср.* **1.** түзүү, түзүлүү, куруу, курулуу; **формирова́ние но́вого мировоззре́ния** жаңы көз караштын түзүлүшү; **2.** *воен.* формирование (*жаңыдан уюштурулган войсколук бөлүк*); **войсковы́е формирова́ния** войсколук формированиелер.

**ФОРМИРОВА'ТЬ** *несов. что* түзүү, куруу, формировать кылуу; **формирова́ть прави́тельство** өкмөттү түзүү; **формирова́ть по́езд** *ж.-д.* темир жол поездин түзүү; **формирова́ть хара́ктер** *перен.* мүнөздү бир калыпка келтирүү.

**ФОРМИРОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** (*образоваться, приобретать законченность*) түзүлүү, курулуу; **2.** (*развиваться физически*) бойго жетип, боюн түзөй баштоо; **3.** *страд. к* **формирова́ть**.

**ФОРМОВА'ТЬ** *несов. что, тех.* формалоо, формага (калыпка) келтирүү, калып куюу, калып согуу, уютуу; **формова́ть гли́ну** ылайды калыпка куюу.

**ФОРМО'ВКА** *ж. тех.* формалоо, формага келтирүү, калып куюу, куюу; **формо́вка кирпича́** кыш куюу.

**ФОРМОВО'Й,** -а́я, -о́е **форма** *4-кө т.*; ◇ **формово́й хлеб** формага салып бышырылган нан.

**ФОРМО'ВЩИК** *м. тех.* формовщик (*формовка жагынан специалист жумушчу*).

**ФОРМООБРАЗОВА'НИЕ** *ср. биол.* жаңы түргө айлануу, жаңы форма түзүү, жаңы формага өтүү.

**ФО'РМУЛА** *ж.* **1.** (*краткое определение*) формула (*кыска жана так түрдө айтылган ар бир корутунду*); **2.** *мат.* формула (*шарттуу белгилер менен берилген математикалык чоңдуктардын жыйындысы*); **алгебраи́ческая фо́рмула** алгебралык формула; **3.** *хим.* формула (*татаал химиялык заттардын жана химиялык процесстердин арип аркылуу берилген шарттуу түюнтмасы*); **фо́рмула кислоро́да** кислороддун формуласы.

**ФОРМУЛИ'РОВАНИЕ** *ср.* формулирование (*бир ойду кыска жана так кылып айтуу, жазуу*).

**ФОРМУЛИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* формулировать этүү (*бир ойду кыска жана так кылып айтуу, жазуу*); **формули́ровать свою́ мысль** өзүнүн оюн формулировать этүү (*өзүнүн оюн кыска жана так кылып айтуу*).

**ФОРМУЛИРО'ВКА** *ж.* формулировка (**1.** *бир ойду кыска жана так кылып айтуу, жазуу*; **2.** *так жана кыскача айтылган, жазылган ой*).

**ФОРМУЛЯ'Р** *м.* формуляр (**1.** *уст. кызмат тизмеси*; **2.** *китеп жөнүндө жана аны пайдалануу жөнүндө маалымат берүүчү библиотекалык карточка*).

**ФОРМУЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое **формуляр**-*га т.*; формулярдык; **формуля́рная ка́рточка** формуляр карточкасы, формулярдык карточка.

**ФОРПО'СТ** *м.* форпост (**1.** *воен. согуштук участокто бекитилген алдыңкы позиция*; **2.** *перен. алдыңкы пункт; алдыңкы баштоочу катар*).

**ФОРС** *м. разг.* **1.** (*щегольство*) сыланкороздук, көйрөңдүк; **2.** (*чванство, спесь*) кекирейүүчүлүк, кокурайгандык, компойгондук, чиренгендик.

**ФОРСИ'РОВАНИЕ** *ср.* **1.** (*ускорение*) ыкчамдатуу, тездетүү; **форси́рование убо́рки урожа́я** эгин жыйноону тездетүү; **2.** *воен.* (*преодоление с боем преграды*) согушуп, кармашып басып өтүү (*мис. суудан, ашуудан*).

**ФОРСИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **форси́ровать**; **2.** *прил.* ыкчамдатылган, тездетилген; **форси́рованный марш** тездетилген марш.

**ФОРСИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* **1.** (*ускорить*) ыкчамдатуу, тездетүү; **форси́ровать строи́тельство** курулушту тездетүү; **2.** *воен.* (*преодолеть с боем преграду*) согушуп, кармашып басып өтүү (*мис. суудан, ашуудан*); **форси́ровать ли́нию оборо́ны проти́вника** душмандын коргонуу линиясын согушуп басып өтүү.

**ФОРСИ'ТЬ** *несов. разг.* **1.** (*франтить*) жасанып кооздонуу, сыланкороздонуу, ыгы жок жасануу; **2.** (*важничать*) кокураюу, компоюу, чиренүү.

**ФОРСУ'НКА** *ж. тех.* форсунка (*ичинен күймө буу казандарынын мешине, кыймылдаткычтардын жана башкалардын цилиндрлерине суюк отунду же порошок түрүндөгү майда отунду бүркүү үчүн колдонулуучу прибор*).

**ФОРТ** *м. воен.* форт (*укреплениенин, чептин бир түрү*).

**ФО'РТЕ** *нареч. муз.* форте (*катуу, күчтүү, бийик*).

**ФО'РТЕЛЬ** *м. разг.* укмуштуу кылык, күтүлбөгөн жерден жаман кылык, шамдагай кылык-жорук; **вы́кинуть фо́ртель** укмуштуу кылык чыгара коюу, күтүлбөгөн жерден жаман кылык көрсөтүү.

**ФОРТЕПЬЯ'ННЫЙ,** -ая, -ое **фортепьяно**-*го т.*; фортепьяндык; **фортепья́нный конце́рт** фортепьяно концерти, фортепьяндык концерт.

**ФОРТЕПЬЯ'НО** *ср. нескл. муз.* фортепьяно (*рояль, пианино өңдүү темир кылдуу, клавишалуу музыкалык инструменттин бир түрү*); **игра́ть на фортепья́но** фортепьянодо ойноо.

**ФОРТИ'ССИМО** *нареч. муз.* фортиссимо (*эң катуу жана эң бийик*).

**ФОРТИФИКАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **фортификация**-*га т.*; фортификациялык; **фортификацио́нные рабо́ты** фортификациялык жумуштар.

**ФОРТИФИКА'ЦИЯ** *ж.* **1.** фортификация (*согуш жүргүзүү үчүн согуш майдан жерин чыңдоо жөнүндөгү согуштук-инженердик илим*); **долговре́менная фортифика́ция** узак убакытка эсептелген фортификация, узак мезгилдүү фортификация, **2.** (*военно-инженерные сооружения*) фортификация (*согуштук иште колдонулуучу чептер жана согуштук-инженердик жумуштар*).

**ФО'РТОЧКА** *ж.* форточка (*терезенин ачылма көзү*).

www.bizdin.kg

**ФОРТУ'НА** *ж. уст.* бакыт, кокустан оңунан чыккан иш; **фортýна емý улыбнýлась** анын жолу болду.

**ФО'РУМ** *м. ист.* форум (*Байыркы Римде — шаардын коомдук чогулуулар өткөрүлүүчү аянты*).

**ФОСГЕ'Н** *м. хим.* фосген (*уукгургуч зат катарында колдонулуучу түссүз жана оор газ*).

**ФОСГЕ'ННЫЙ,** -ая, -ое **фосген**-*ге т.*

**ФОСФА'Т** *м.* фосфат (1. *хим. техникада, медицинада колдонулуучу жана жер семирткичтин бир бөлүмү болуп колдонулуучу фосфор кислотасынын тузу*; 2. *мин фосфор кислотасы бар минерал; бул — жер семирткич катарында колдонулат*).

**ФО'СФОР** *м. хим.* фосфор (*химиялык элемент, тез жеңил жалындоочу жана караңгыда жарык болуп туруучу зат*).

**ФОСФОРЕСЦЕ'НЦИЯ** *ж. физ.* фосфоресценция (*жарык кылганда жалтыроо, жаркыроо жана жарык өчкөндөн кийин деле жаркырап туруу; кээ бир заттардын караңгыда өзүнөн өзү жаркырап туруу касиети; мындай жаркыроочу касиет, мис.: күкүрттүү кальций, барий, стронцийдин кошундуларында бар*).

**ФОСФОРЕСЦИ'РОВАТЬ** *несов. физ.* фосфоресценция билинүү (*караңгыда өзүнөн өзү жарык чыгаруу, өзүнөн өзү жарык болуп туруу*).

**ФО'СФОРИСТЫЙ,** -ая, -ое *хим.* фосфордуу; **фóсфористый ангидри́д** фосфордуу ангидрид; **фóсфористый водорóд** фосфордуу водород.

**ФОСФОРИ'Т** *м. мин.* фосфорит (*фосфаттар группасына кирүүчү минерал; бул баалуу жер семирткич болуп эсептелет*).

**ФОСФОРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое жаркылдама.

**ФОСФОРНОКИ'СЛЫЙ,** -ая, -ое фосфор кислоталуу; **фосфорнокúслые удобрéния** фосфор кислоталуу семирткичтер.

**ФО'СФОРНЫЙ,** -ая, -ое **фосфор**-*го т.*; фосфордуу; **фóсфорная кислотá** фосфордуу кислота.

**ФО'ТО** *ср. нескл. разг.* фото; *см.* **фотогрáфия** 2.

**ФОТОАЛЬБО'М** *м.* фотоальбом (*фото сүрөттөр салынган альбом*).

**ФОТОАППАРА'Т** *м.* фотоаппарат (*фотографиялык аппарат*).

**ФОТОАТЕЛЬЕ'** *ср. нескл.* фотоателье (*сүрөткө түшүрүүчү жана ал сүрөттү даярдоочу мастерская*).

**ФОТОВИТРИ'НА** *ж.* фотовитрина (*ичине фото сүрөттөр коюлган витрина*).

**ФОТОГАЗЕ'ТА** *ж.* фотогазета (*фотографиялык сүрөттөрдөн түзүлүп, бир аз түшүнүк жазылган сүрөт газетасы*).

**ФОТОГЕНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое фотогениялык (*фотографияга же киноэкранга түшүрүү үчүн ыңгайлуу*); **фотогенúчное лицó** фотогениялык бет (*сүрөткө түшүрүүгө ыңгайлуу бет*).

**ФОТО'ГРАФ** *м.* фотограф (*сүрөтчү; фотография менен иришүүчү киши*).

**ФОТОГРАФИ'РОВАНИЕ** *ср.* сүрөткө түшүрүү, фотографиялоо.

**ФОТОГРАФИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* сүрөткө түшүрүү, фотографиялоо (*фотография аппараты менен сүрөт тартуу*).

**ФОТОГРАФИ'РОВАТЬСЯ** *несов.* 1. сүрөткө түшүү, фотографиялануу; **он лю́бит фотографúроваться** ал сүрөткө түшүүнү жакшы көрөт; 2. *страд. к* **фотографúровать.**

**ФОТОГРАФИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **фотография**-*га т.*; фотографиялык; **фотогрáфический аппарáт** фотографиялык аппарат; **фотографúческий снúмок** *см.* **фотогрáфия** 2.

**ФОТОГРА'ФИЯ** *ж.* 1. (*занятие*) фотография (*сүрөткө түшүрүү кесиби*); **увлекáться фотогрáфией** фотография ишине берилүү, фотография ишинин артынан түшүү; 2. (*снимок*) сүрөт, фотография; **удáчная фотогрáфия** жакшы чыккан сүрөт, көңүлдөгүдөй түшүрүлгөн сүрөт; 3. (*учреждение*) фотография (*сүрөткө түшүрүүчү жай*); **сня́ться в фотогрáфии** фотографияда сүрөткө түшүү.

**ФОТОКА'РТОЧКА'** *ж.* фотокарточка (*фотографияда түшүрүлгөн сүрөт*).

**ФОТОКОРРЕСПОНДЕ'НТ** *м.* фотокорреспондент.

**ФОТОЛАБОРАТО'РИЯ** *ж.* фотолаборатория.

**ФОТОЛИТОГРА'ФИЯ** *ж. полигр.* фотолитография (1. *фото сүрөттү таш басмага түшүрүүнү колдонуучу басмакана*; 2. *ушул жол менен басылган сүрөт*).

**ФОТОЛЮБИ'ТЕЛЬ** *м.* фотолюбитель (*фотографиялык аппарат менен сүрөткө түшүрүүнү сүйгөн киши*).

**ФОТОМАСТЕРСКА'Я** *ж.* фотомастерская (*фотоаппаратты оңдоочу мастерская*).

**ФОТО'МЕТР** *м.* фотометр (1. *физ. жарыктын күчүн өлчөгүч прибор*; 2. *астр. жылдыздын жана асмандагы башка телолордун жарыктыгын өлчөгүч прибор*).

**ФОТОМОНТА'Ж** *м.* фотомонтаж (*плакат ж. б. түрүндө чогуу бир мазмунга келтирилип, белгилүү бир темада топтолгон фотографиялар*).

**ФОТОРАЗВЕ'ДКА** *ж. воен.* фоторазведка (*жерди сүрөткө түшүрүү аркылуу разведка жасоо, чалгындоо*).

**ФОТОРЕПОРТЁР** *м.* фоторепортёр (*газетанын басып чыгаруу үчүн сүрөт тартуучу кызматкери*).

**ФОТОСНИ'МОК** *м. см.* **фотогрáфия** 2.

**ФОТОСЪЁМКА** *ж.* фотосъёмка ((*жерди сүрөткө түшүрүү аркылуу анын сүрөтүн тартуунун топографиялык методу*).

**ФОТОТЕЛЕГРА'Ф** *м. тех.* фототелеграф (*радио же сым аркылуу сүрөттү ыраак жерге берип туруучу аппарат*).

**ФОТОТИ'ПИЯ** *ж. полигр.* фототипия (1. *жарык сезгич нерсе менен сыйпалган айнектен сүрөттү басмага басып чыгаруу жолу*; 2. *ушундай жол менен басылып алынган сүрөт*).

**ФОТОХИ'МИЯ** *ж.* фотохимия (*жарык шооласынын кыймылы менен шартталган химиялык реакцияны үйрөнүүчү химиянын бөлүмү*).

**ФОТОХРО'НИКА** *ж.* фотохроника (*окуялардын фотографияга тартылган хроникасы*).

**ФОТОЭЛЕМЕ'НТ** *м. эл.* фотоэлемент (*өзүнө түшкөн жарык өзгөргөн кезде өзүнүн электрдик касиетин өзгөртүп туруучу прибор; ал үндүү кино техникасында, телевидениеде ж. б. колдонулат*).

**ФРАГМЕ'НТ** *м.* 1. (*отрывок текста*) фрагмент (*адабият чыгарманын бир үзүндүсү*); **фрагмéнты из ромáна «Войнá и мир»** «Согуш жана тынчтык» романынан фрагмент; 2. *иск.* (*обломок произведения искусства*) фрагмент (*архитектурадан, скульптурадан ж. б. сакталып калган бир сынык*); **фрагмéнты старúнной вáзы** байыркы вазанын сыныктары.

**ФРАГМЕНТА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*являющийся фрагментом*) фрагмент (*үзүндү*); 2. *перен.* (*отрывочный*) үзүндү, бүтүн эмес; **фрагментáрное изложéние** бүтүн эмес баяндоо, үзүндү-үзүндү кылып баяндоо.

**ФРА'ЗА** *ж.* 1. фраза, сүйлөм (*ойду сөз менен билдирүү*); **длúнная фрáза** узун сүйлөм, узун фраза; 2. *перен.* фраза, кургак сөз, маңызы жок сөз (*жалган же жарды, маанисин жаап-жашырган, мааниси жок сөздөрдүн курулай эле тизмеги*); **избúтые фрáзы** айтыла жүргөн, тантык болгон сөз; **пустáя фрáза** кургак сөз, маңызы жок сөз; 3. *муз.* фраза (*бир нече күүдөн бириктирилип түзүлгөн музыкалык чыгарма, мелодия*).

**ФРАЗЕОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **фразеология** 1-*ге т.*; фразеологиялык; **фразеологúческий словáрь** фразеологиялык сөздүк.

**ФРАЗЕОЛО'ГИЯ** *ж.* фразеология (1. *лингв. бир тилдин туруктуу жана мүнөздүү сүйлөмдөрүнүн жыйындысы*; 2. *перен. кургак сөз; жөө чечендик*).

www.bizdin.kg

**ФРАЗЁР** *м. презр.* фразёр (*тантык, кургак фразаны, жөө чечендикти сүйгөн адам*).

**ФРАЗИ'РОВАТЬ** *несов. лингв., муз.* фразалоо (*сүйлөгөндө же музыкалык чыгарманы аткарганда фразанын олуттуу жерин бөлүп, таамай айтуу, аткаруу*).

**ФРАЗИРО'ВКА** *ж. лингв., муз.* фразировка (*сүйлөгөндө же музыкалык чыгарманы аткарганда фразанын олуттуу жерин бөлүп, таамай айтуу, аткаруу*).

**ФРАК** *м.* фрак (*уча этеги узун, өңүр этектери жок, эркек кийими*).

**ФРАКЦИОНЕ'Р** *м. полит.* фракционер (*бир фракциянын мүчөсү, катышуучусу*).

**ФРАКЦИО'ННОСТЬ** *ж. полит.* фракциячылык (*партиянын ичинде фракциянын, группировканын болушу*).

**ФРАКЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **фракция**-*га т.*; фракциялык; **фракцио́нная борьба́** фракциялык күрөш.

**ФРА'КЦИЯ** *ж. полит.* фракция (*бир партиянын парламенттеги, коомдук уюмдагы мүчөлөрүнүн тобу же буржуазиялык партиянын ичинен өзүнчө бөлүнүп чыккан группировка*); **парла́ментская фра́кция** парламенттик фракция.

**ФРАМУ'ГА** *ж.* фрамуга (*эшиктин же терезенин үстүндөгү ачылбай турган бөлүгү*).

**ФРАНК** *м.* (*монета*) франк (*Францияда, Бельгияда жана Швейцарияда жүрүүчү акча*).

**ФРАНКИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* франкировкалоо (*почта аркылуу жиберилген нерселерди, жүктөрдү ташуу жана жеткирүүнү камсыздандыруу максатында акчаны күн мурунтан төлөп коюу*).

**ФРА'НКО-** *ком.* франко- (*«жиберүүчү товарды жүктөө жана алуучуга жеткирүү расходу жөнөтүүчүнүн эсебинен» деген маанини билдирүүчү соода термини*); **цена́ това́ра фра́нко-ваго́н** товардын баасы франко-вагон.

**ФРАНТ** *м.* франт, сыланкороз, көйрөң.

**ФРАНТИ'ТЬ** *несов. разг.* жасанып кооздонуу, сыланкороздонуу, ыгы жок жасануу.

**ФРАНТИ'ХА** *женск. р. к* **франт**.

**ФРАНТОВСКО'Й**, -а́я, -о́е ыгы жок сыланкороздонгон, ыгы жок жасанган; **франтовско́й костю́м** кубулган костюм.

**ФРАНТОВСТВО'** *ср.* ыгы жок сыланкороздонгондук, ыгы жок жасанып жүрүүчүлүк.

**ФРАНЦУ'ЖЕНКА** *женск. р. к* **францу́з**; француженка.

**ФРАНЦУ'З** *м.* француз.

**ФРАНЦУ'ЗСКИЙ**, -ая, -ое **Франция**-*га*, **француз**-*га т.*; францияльк, француздук; **францу́зский язы́к** француз тили.

**ФРАНЦУ'ЗЫ** *мн.* француздар.

**ФРАХТ** *м. мор., ком.* фрахт (1. *жүк*; 2. *кеме киреси*).

**ФРАХТОВА'ТЬ** *несов. мор., ком.* фрахттоо (*жүк ташуу үчүн кеме жалдоо*).

**ФРЕГА'Т** *м.* фрегат (1. *воен.-мор. үч мачталуу, парустуу согуш кемеси*; 2. *воен.-мор. крейсерлик-сакчылык кызматын аткаруу үчүн пайдаланыла турган согуштук кеме*; 3. *зоол. деңиздеги чоң куштун бир түрү*).

**ФРЕ'ЗА** *ж. тех.* фреза; *см.* **фрезер**.

**ФРЕ'ЗЕР** *м. тех.* фрезер (1. *ар түрдүү металлдардын жана жыгачтардын үстүн иштеп чыгуу үчүн колдонулуучу тегеренме көп миздүү инструмент*; 2. *жерди казуу, грунтту майдалоо, чым көң кесүү үчүн колдонулуучу машина*).

**ФРЕ'ЗЕРНЫЙ**, -ая, -ое **фрезер**-*ге т.*; фрезердик; **фре́зерный стано́к** фрезердик станок; **фре́зерный торф** фрезердик чым көң (*фрезер менен кесип алынган чым көң*).

**ФРЕЗЕРОВА'НИЕ** *ср. см.* **фрезеро́вка**.

**ФРЕЗЕРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* фрезердөө.

**ФРЕЗЕРО'ВКА** *ж.* фрезеровка, фрезердөө (1. *тех. металл, жыгачтын бетин фрезер станогу менен иштетүү*; 2. *топуракты фрезер менен иштетүү*).

**ФРЕЗЕРО'ВЩИК** *м.* фрезеровщик, фрезерчи (*фрезер станогунда иштөөчү жумушчу*).

**ФРЕНЧ** *м.* френч (*аскердик формада тигилген куртка*).

**ФРЕ'СКА** *ж. жив.* фреска (*жаңыдан жасалган шыбакка суу боёк менен тартылган сүрөт*).

**ФРЕ'СКОВЫЙ**, -ая, -ое **фреска**-*га т.*; **фре́сковая жи́вопись** фреска живописи.

**ФРИВО'ЛЬНОСТЬ** *ж.* 1. (*лёгкая непристойность*) бир аз уятыраактык (*мис. сөз, ыр*); 2. (*о выражении*) бир аз адепсиз сөз.

**ФРИВО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое бир аз уятыраак (*мис. сөз, ыр*).

**ФРИКАДЕ'ЛЬКА** *ж. кул.* фрикаделька (*эттен же балыктан тоголоктолуп жасалып, сорподо бышырылган тамак*).

**ФРИКАТИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое *лингв.* ышкырма, шуулдама (*жакындашкан сүйлөө органдарынын арасындагы жылчыктан чыккан абанын сүрүлүшүнөн келип пайда болгон ышкырыктуу добуш менен айтылуучу үнсүз тыбыштар жөнүндөгү термин; ышкырма үнсүз тыбыштар, мис. с, з жана башкалар*).

**ФРИКЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое *тех* фрикциялык (*ышкылуу, сүрүлүү менен аракетке келүүчү*); **фрикцио́нная переда́ча** фрикциялык передача.

**ФРО'НДА** *ж.* фронда (1. *ист. 17 кылымдын орто ченderинде Франциядагы абсолютизмге каршы багытталган социалдык-саясий кыймыл*; 2. *перен. уст. керт башынын таламын көздөп оппозицияга өтүү; каяша кылып каршы-гуу*).

**ФРОНДЁР** *м.* фрондёр (*фрондировать этүүнү сүйүүчү адам*).

**ФРОНДИ'РОВАТЬ** *несов. уст.* фрондалоо, фрондировать этүү (*өзүнүн керт башынын таламын көздөп оппозицияга өтүү*).

**ФРОНТ** *м.* 1. фронт (*строййдун же аскерлердин согуштук жайлашуусунун маңдай жагы*); **вы́строить во фронт** фронт боюнча катарга тургузуу; 2. фронт (*согуш жүрүп жаткан жерде жайланышкан куралдуу күчтөр*); **отпра́вка пополне́ний на фронт** фронтко толуктоолор жөнөтүү; 3. фронт (*бир командачынын башкаруусу астында болгон армиялар тобу*); **за́падный фронт** батыш фронту; 4. *перен.* фронт (*мамлекеттик маданий-экономикалык жана коомдук иштердин бир тармагы*); **фронт ми́ра** тынчтык фронту; **наро́дный фронт** элдик фронт; **еди́ный фронт** бирдиктүү фронт; **идеологи́ческий фронт** идеологиялык фронт, **культу́рный фронт** маданий фронт; ◇ **перемени́ть фронт** фронтту алмаштыруу, жүрүш-турушун өзгөртүү, мурункусунан башкача сүйлөп калуу; **де́йствовать на два фро́нта** эки багытта аракет кылуу.

**ФРОНТА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *воен.* бет маңдай жагынан болгон; **фронта́льная ата́ка** бет маңдай жагынан болгон атака; **фронта́льный уда́р** *см.* **уда́р**.

**ФРОНТИСПИ'С** *м.* фронтиспис (1. *архит. негизги фасад*; 2. *полигр. китептин эң маанилүү жерлерин элестетип, титулдук барак менен катар коюлган сүрөт*).

**ФРОНТОВИ'К** *м.* фронтовик (*урушка катышкан же катышып жаткан киши*).

**ФРОНТОВО'Й**, -а́я, -о́е **фронт**-*ко т.*; фронттук; **фронтова́я часть** фронттук бөлүк; **фронтово́й това́рищ** фронттук жолдош; **фронтова́я слу́жба** фронттогу кызмат (*согуш майданындагы*).

**ФРОНТО'Н** *м. архит.* фронтон (*үйдүн фасадынын үстүңкү үч бурчтуу бөлүгү*).

**ФРУКТ** *м.* жемиш, мөмө (*алма, алмурут сыяктуулар*); **све́жие фру́кты** жаңы жемиштер; **сушёные фру́кты** кургатылган жемиштер.

**ФРУКТО'ВЫЙ**, -ая, -ое **фрукт**-*ка т.*; жемиштүү, мөмөлүү; **фрукто́вый сад** жемиш багы; **фрукто́вый магази́н** жемиш магазини; **фрукто́вые со́ки** жемиш ширелери.

**ФРУКТО'ЗА** *ж. хим.* фруктоза (*мөмөнүн, жемиштин ширеси-канты*).

www.bizdin.kg

**ФТОР** *м. хим.* фтор (*химиялык элемент — ачуу жыттуу, ачык сары түстөгү газ*).

**ФУ** *межд.* тфу, туу, өх; **фу, как он надоéл!** тфу, ал жадатты да-а!; **фу, какáя гáдость!** туу, кайдагы оңбогон!; **фу, как я устáл!** өх, мен жаман чарчадым!; ◇ **фу́-ты!** туу атаңдын көрү!, туу, аттигинай!, ай кокуй ай!

**ФУ'ГА** *ж. муз.* фуга (*бир эле теманы түрдүү үн менен ырааттуу түрдө кайталоого негизделген музыкалык чыгарма*).

**ФУГА'НОК** *м.* сүргү (*аспап*).

**ФУГА'С** *м. воен.* фугас (*жер астына көмүлүп коюлган жана ошол жерден өтүп бара жаткан убакта жарылып кетүүчү жарылма заттын дүрмөтү*).

**ФУГА'СКА** *ж. воен. разг.* фугастык бомба.

**ФУГА'СНЫЙ**, -ая, -ое **фугас**-*ка т.*; фугастык; **фугáсная бóмба** фугастык бомба.

**ФУГОВА'ТЬ** *несов. что, тех.* **1.** (*выстрагивать*) сүрүп жасоо (*сүргү менен*); **2.** (*плотно пригонять*) сүргүлөп эптештирип бириктирүү.

**ФУ'КСИЯ** *ж. бот.* фуксия (*коодук үчүн үйдө өстүрүлүүчү өсүмдүктүн бир түрү*).

**ФУЛЯ'Р** *м.* фуляр (*болотнай сыяктуу өтө жумшак жеңил жибек кездеме*).

**ФУЛЯ'РОВЫЙ**, -ая, -ое **фуляр**-*га т.*; **фулярóвый платóк** фуляр жоолук.

**ФУНДА'МЕНТ** *м.* **1.** (*основание, опора*) фундамент (*түп, негизи*), **дом на кáменном фундáменте** таш фундаменттүү үй; **заложи́ть фундáмент** фундамент салуу; **2.** *перен.* (*основа*) фундамент (*негиз, түп*); **фундáмент социалисти́ческой эконóмики** социалисттик экономиканын фундаменти.

**ФУНДАМЕНТА'ЛЬНО** *нареч.* бек, мыкты.

**ФУНДАМЕНТА'ЛЬНОСТЬ** *ж.* фундаменттүүлүк, негиздүүлүк, бектик, мыктуулук; **фундаментáльность исслéдований совéтских учёных** советтик окумуштуулардын изилдөөсүнүн негиздүүлүгү, фундаменттүүлүгү.

**ФУНДАМЕНТА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*большой, прочный*) фундаменттүү, түптүү, бек, мыкты, чоң; **фундаментáльное здáние** фундаменттүү үй (*имарат*); **2.** (*основательный*) негиздүү, мыкты, олуттуу; **фундаментáльное сочинéние** негиздүү чыгарма; **фундаментáльное знáние предмéта** предметти, сабакты мыкты билүү; **3.** (*основной*) фундаменталдык (*негизги*); **фундаментáльная библиотéка** фундаменталдык китепкана.

**ФУНИКУЛЁР** *м. тех.* фуникулёр (*вагондордун тоодон ылдый карай өзү жылып жүрүп кетишинен сактоо үчүн рельсалардын арасында тиштүү рейкасы же аркан менен тарткычы бар тоо темир жолу*).

**ФУНКЦИОНА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **функция**-*га т.*; функционалдуу; **функционáльное расстрóйство** *мед.* функционалдуу бузулуу (*адамдын кайсы бир органдарынын иштөөсүнүн бузулушу менен байланышкан оору*).

**ФУНКЦИОНИ'РОВАНИЕ** *ср.* аракет кылуу, иштөө.

**ФУНКЦИОНИ'РОВАТЬ** *несов.* аракет кылуу, иштөө.

**ФУ'НКЦИЯ** *ж.* **1.** (*деятельность, обязанность, назначение*) функция, кызмат, аракет, иш, милдет; **служéбные фу́нкции** кызмат иши; **выходи́ть за предéлы** *чьих-л.* **фу́нкций** бирөөнүн милдетинен четке чыгып кетүү; **2.** *мат.* функция (*багыныччтуу алмашма чоңдук, башка чоңдуктун өзгөрүшүнө карап өзгөрүүчү чоңдук*); **3.** *биол.* функция (*организмдин жалпы тиричилигине байланыштуу бир гана мүчөгө тиешелүү милдет*); **фу́нкция щитови́дной железы́** калкан бездин функциясы.

**ФУНТ** *м.уст.* кадак (*орустун 409,5 граммга тең болгон салмак өлчөмү*); ◇ **фунт стéрлингов** фунт стерлинг (*Англиянын акча единицасы*); **э́то не фунт изю́му** *разг.* бул оңой-олтоң иш эмес.

**ФУ'НТИК** *м.* (*кулёк*) фунтик (*воронка түрүндөгү кагаздан жасалган баштыкча*).

**ФУНТОВО'Й**, -áя, -óе **фунт**-*ка т.*; **фунтовáя ги́ря** оордугу бир кадак болгон кадак таш.

**ФУ'РА** *ж.* узун араба.

**ФУРА'Ж** *м.* фураж (*жем-чөп*).

**ФУРАЖИ'Р** *м. воен.* фуражир (*тоют даярдоону, сактоону жана берүүнү тейлөөчү адам*).

**ФУРАЖИРО'ВКА** *ж. воен.* фуражировка (*войсколордун тоют даярдоосу*).

**ФУРА'ЖКА** *ж.* фуражка (*шапке; эркектин баш кийиминин бир түрү*).

**ФУРА'ЖНЫЙ**, -ая, -ое **фураж**-*га т.*; **фурáжный фонд колхóза** колхоздун тоют фондусу.

**ФУРГО'Н** *м.* фургон (*жабык араба; чүмбөттүү араба*).

**ФУРГО'НЩИК** *м.* арабакеч, фургончу.

**ФУ'РИЯ** *ж.* **1.** *миф.* фурия (*байыркы римдиктердин мифологиясында — өч алуу кудайынын бири*); **2.** *перен.* (*злая, сварливая женщина*) ажылдаган, урушчаак аял.

**ФУРО'Р** *м.* жактырган дуу-дуу, ызы-чуу; **произвести́ фурóр** жактырган дуу-дууга себеп болуу.

**ФУРУ'НКУЛ** *м. мед.* фурункул (*чыйкан, шишиктүү жара*).

**ФУРУНКУЛЁЗ** *м. мед.* фурункулёз (*кайталап чыккан көп чыйкан*).

**ФУРЬЕРИ'ЗМ** *м. ист.* фурьеризм (*Франциянын утописти Шарль Фурьенин атынан келип чыккан, 19-кылымдын башындагы утопиялык социализмдин окууларынын бири*).

**ФУТ** *м. уст.* фут (*30,479 см барабар болгон орустук жана англиялык узундук өлчөм; саржандын* $^{1}/_{7}$ *бөлүгүнө барабар узундук өлчөөсү*).

**ФУТБО'Л** *м. спорт.* футбол.

**ФУТБОЛИ'СТ** *м.* футболист, футболчу.

**ФУТБО'ЛКА** *ж. разг.* футболка (*жеңи кыска, кайырма жакалуу сокмо көйнөк*).

**ФУТБО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **футбол**-*го т.*; футболдук; **футбóльный мяч** футбол тобу; **футбóльная комáнда** футбол командасы; **футбóльное состязáние** футболдук мелдеш.

**ФУТЕРОВА'ТЬ** *несов. что, тех.* футерлөө; *см.* **футерóвка.**

**ФУТЕРО'ВКА** *ж. тех.* **1.** (*действие*) футеровка, футерлөө (*металл эритүүчү мештердин ичин отко эрибес материалдар менен каптоо*); **2.** (*облицовка*) футеровка (*металлургиялык мештердин, темирден жасалган түтүк чыгуучу трубалардын ж. б. ичине капталган отко эрибес материалдар*).

**ФУТЛЯ'Р** *м.* футляр, куту (*баалуу же сынма, морт нерселер сакталуучу куту*); **футля́р для очкóв** көз айнектин кутусу; ◇ **человéк в футля́ре** кутудагы киши (*өзүнүн керт башынын мүдөөлөрүнөн чыгалбаган, жаңылыктан качкан, ар бир нерсени формалдык жагынан гана баалоочу киши*).

**ФУТУРИ'ЗМ** *м.* футуризм (*сүрөттөө искусствосундагы жана поэзиядагы реализмди четке каккан, формалисттикти, маанайы бастыкты, көңүлү чөгөттүктү көздөгөн, 20 кылымда Италияда чыгып, башка мамлекеттерге тараган буржуазиялык агым*).

**ФУТУРИ'СТ** *м.* футурист (*футуризмди жактоочу, футуризмдин жолун жолдоочу*).

**ФУТУРИСТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **футуризм**-*ге т.*; футуристтик; **футуристи́ческое произведéние** футуристтик чыгарма, футуризм чыгармасы.

**ФУФА'ЙКА** *ж.* фуфайка (*жылуу сокмо көйнөк*); **шерстянáя фуфáйка** жүн фуфайка; **бумáжная фуфáйка** пахта жиптен токулган фуфайка.

**ФУФУ'**: **на фуфу́** *разг.* эптеп-септеп эле, үстүртөн эле; **дéлать** *что-л.* **на фуфу́** бир нерсени эптеп-септеп эле жасай салуу.

www.bizdin.kg

**ФЫ'РКАНЬЕ** *ср.* 1. бышкыруу; **фы́рканье ло́шади** аттын бышкырышы; 2. *перен. разг.* (*звуки*) мыңк этип коюу, күңк этип коюу; 3. *перен. разг.* (*смех*) бырс күлүү.

**ФЫ'РКАТЬ** *несов.* 1. бышкыруу; 2. *перен. разг.* (*сердиться, брюзжать*) күңк этүү, мыңк этүү; 3. *перен. разг.* (*смеяться*) бырс этип күлүү.

**ФЫ'РКНУТЬ** *однокр.* 1. (*о животном*) бышкырып жиберүү; **ло́шадь фы́ркнула** ат бышкырып жиберди; 2. *перен. разг.* (*рассмеяться*) бырс этип күлүп жиберүү.

**ФЬОРД** *м. см.* **фио́рд.**

**ФЮЗЕЛЯ'Ж** *м. ав.* фюзеляж (*самолёттун тулкусу, корпусу*).

# Х

**ХАДЖ** *м. рел.* ажы (*Мекеге барып зыярат кылуу*); **соверши́ть хадж** ажыга барып келүү.

**ХАДЖИ'** *м. нескл. рел.* ажы (*Мекеге барып келген мусулман*).

**ХА'ЖИВАТЬ** *многокр. разг.* жүргүлөө, баргылоо, келгилөө, барып туруу; **мы часте́нько ха́живали к ним** алардыкына биз жыш барып турдук.

**ХАКА'С** *м.* хакас.

**ХАКА'СКА** *женск. р. к* **хака́с**; хакаска.

**ХАКА'ССКИЙ,** -ая, -ое хакас-*ка т.*; **хака́сский язы́к** хакас тили.

**ХАКА'СЫ** *мн.* хакастар.

**ХА'КИ** 1. *прил. неизм.* (*цвет*) хаки (*күрөң-жашыл*); **мате́рия цве́та ха́ки** хаки түсүндөгү кездеме; 2. *ср. нескл.* (*ткань*) хаки (*күрөң-жашыл түстөгү кездеме*).

**ХА'ЛА** *ж.* хала (*нандын бир түрү*).

**ХАЛА'Т** *м.* 1. (*восточный*) чапан, ала чапан; **узбе́кский хала́т** өзбек чапан, өзбектин ала чапаны; 2. (*домашняя одежда*) халат (*үйдө кийилүүчү же оорулар кийүүчү жеңил чапан; жеңил чапан*); 3. халат (*кызмат учурунда кийилүүчү кең жука кийим*); **до́кторский хала́т** доктордун халаты; **маскиро́вочный хала́т** *воен.* маскировкалык халат (*маскировка кылуу үчүн кийилүүчү халат*).

**ХАЛА'ТНО** *нареч.* салкын, көңүл кош, кош көңүл, шалакы; **хала́тно относи́ться к рабо́те** ишке салкын мамиле кылуу, ишке салкын кароо.

**ХАЛА'ТНОСТЬ** *ж.* салкындык, салкын көз менен кароо, көңүл коштук, шалакылык (*ишке, милдетке көңүл коштук менен салкын кароо*).

**ХАЛА'ТНЫЙ,** -ая, -ое салкын, көңүл кош, шалакы; **хала́тное отноше́ние к свои́м обя́занностям** өз милдетине салкын мамиле кылуу; **хала́тное отноше́ние к де́лу** ишке салкын мамиле кылуу, ишке салкын кароо.

**ХАЛВА'** *ж.* халва, алба (*жаңгакты, данекти ж. б. майдалап жасалган таттуу тамак*).

**ХАЛИ'Ф** *м. ист.* халиф, калыйпа (*бүткүл мусулмандардын диний башчысынын титулу*).

**ХАЛИФА'Т** *м. ист.* 1. (*государство*) халифат (*бийлиги халифтин колунда болгон мамлекет*); 2. (*власть халифа*) халифтин бийлиги.

**ХАЛИФА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **халифат**-*ка т.*

**ХАЛИ'ФСКИЙ,** -ая, -ое **халиф**-*ке т.*

**ХАЛТУ'РА** *ж. неодобр.* халтура (1. *жүр нарыга салып, оңой эле табылган киреше;* 2. *чүргөй салган иш*).

**ХАЛТУ'РИТЬ** *несов. неодобр.* халтура кылуу (1. *жүр нары кыла салуу;* 2. *чүргөй салуу*).

**ХАЛТУ'РНЫЙ,** -ая, -ое *неодобр.* халтурдук (1. *жүр нары кыла салган;* 2. *чүргөй салынган*).

**ХАЛТУ'РЩИК** *м. неодобр.* халтурщик, халтурчу (*чүргөй салуучу эркек киши*).

**ХАЛТУ'РЩИЦА** *женск. р. к* **халту́рщик**; халтурщица

**ХАЛЦЕДО'Н** *м. мин.* халцедон (*кварц түркүмүнө кирүүчү, жарым кымбаттуу таштын бир түрү*).

**ХАЛЦЕДО'НОВЫЙ,** -ая, -ое **халцедон**-*го т.*

**ХАМ** *м. бран.* адепсиз, уятсыз, орой киши.

**ХАМЕЛЕО'Н** *м.* 1. *зоол.* хамелеон (*айланасындагы шартарга карай улам башка бир түскө кирип кубулуучу сойлоочу жаныбар; бул жылуу өлкөлөрдө жашайт*); 2. *перен.* күн тийген жердин чоросу, эки жүздүү (*өзүнүн көз карашын, ишеничин тез-тез алмаштырып туруучу принципсиз адам*).

**ХАМИ'ТЫ** *мн.* хамиттер (*Түндүк Африкадагы калктардын бир группасы*).

**ХАМИ'ТЬ** *несов. разг.* адепсиздик кылуу, уятсыздык кылуу, оройлук кылуу.

**ХАМСА'** *ж. см.* **камса́.**

**ХА'МСКИЙ,** -ая, -ое *разг.* адепсиз, уятсыз, орой; **ха́мский посту́пок** уятсыз кылык; **ха́мское отноше́ние** орой мамиле, адепсиз мамиле.

**ХА'МСТВО** *ср. разг.* адепсиздик, уятсыздык, оройлук.

**ХАН** *м. ист.* кан, хан.

**ХАНДРА'** *ж.* жылдызы түшүү, бук болуу, көңүлү чөгөт болуу, түнөрүү; **на него́ напа́ла хандра́** анын ичи бук болуп турат.

**ХАНДРИ'ТЬ** *несов.* жылдызы түшүү, бук болуу, көңүлү чөгөт болуу, түнөрүү.

**ХАНЖА'** *м. и ж.* сопусунган киши, такыбасынган киши.

**ХА'НЖЕСКИЙ,** -ая, -ое **ханжа**-*га т.*; **ха́нжеское поведе́ние** сопусунган (такыбасынган) жүрүш-туруш.

**ХА'НЖЕСТВО** *ср.* сопусунуучулук, такыбасынуучулук.

**ХА'НСКИЙ,** -ая, -ое **хан**-*га т.*; **ха́нский дворе́ц** кан сарайы.

**ХА'НСТВО** *ср. ист.* 1. (*звание хана*) кан, хан; 2. (*владения хана*) кандык.

**ХАНТЫ'** *мн. нескл.* ханттар (*остяко-вогул улуттук округда туруучу, мурун «остяктар» деп аталган бир калк*).

**ХА'ОС** *м. миф.* хаос (*байыркы гректердин мифологиясында — дүйнө пайда болгонго чейин болгон туман жана караңгылык менен толтурулган чексиз, түпсүз мейкиндик*).

**ХАО'С** *м.* (*беспорядок*) чалды-куйду, чалмекей, баш аламан.

**ХАОТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **хао́с**-*ко т.*; баш аламан; **в хаоти́ческом состоя́нии** баш аламан абалда.

**ХАОТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* чалды-куйдулук, баш аламандык.

**ХАОТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **хаоти́ческий.**

**ХА'ПАТЬ** *несов. кого-что, разг.* 1. (*хватать*) чапчып алуу, чеңгелдей калуу; 2. (*присваивать незаконно*) жулуп калуу, улуп-жулуп калуу (*мис. уурдап*).

**ХА'ПНУТЬ** *однокр. см.* **ха́пать.**

**ХАПУ'ГА** *м. и ж. разг.* паракор, жуткуч, ач көз.

**ХАРАКИ'РИ** *ср. нескл.* харакири (*Японияда самурайлардын канжар же устара менен кардын жарып, өзүн өзү өлтүрүшү*).

**ХАРА'КТЕР** *м.* 1. мүнөз; **твёрдый хара́ктер** бек мүнөз, катуу мүнөз; **си́льный хара́ктер** күчтүү мүнөз; **неужи́вчивый хара́ктер** жылкы мүнөздүү, кырс мүнөздүү (*киши менен ырк келишпеген мүнөз*); **мя́гкий хара́ктер** жумшак мүнөз; **прямота́ хара́ктера** мүнөздүн түздүгү, мүнөздүн тактыгы; 2. (*отличительное свойство, качество чего-л.*) өзгөчө белги, өзгөчө сапат, мүнөз; **хара́ктер по́чвы, ме́стности** топурактын, жердин өзгөчө белгиси; **суро́вый хара́ктер се́верной приро́ды** түндүктүн жаратылышынын каардуу мүнөзү; **замеча́ния крити́ческого хара́ктера** сын

www.bizdin.kg

мүнөзүндөгү эскертүүлөр; **геройческий хара́ктер на́шей эпо́хи** биздин доорубуздун баатырдык мүнөзү; ◇ **он челове́к с хара́ктером** эрки күчтүү адам, бет алган ишинен кайтпаган киши; көк киши; **вы́держать хара́ктер** өз айтканынан кайтпоо; **э́то в его́ хара́ктере** бул ага таандык, бул анын колунан келет, муну андан күтүүгө болот.

**ХАРАКТЕРИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* мүнөздөө, мүнөздөп көрсөтүү; **характеризова́ть** *кого-л.* **с положи́тельной стороны́** *бирөөнү* оң жагынан мүнөздөө, мүнөздөп көрсөтүү; **э́то хорошо́ характеризу́ет его́** бул аны жакшы мүнөздөйт.

**ХАРАКТЕРИЗОВА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** мүнөздөлүү, сыпатталуу; **степны́е райо́ны характеризу́ются сухи́м кли́матом** чөл райондору кургак климат менен мүнөздөлөт; 2 *страд. к* **характеризова́ть.**

**ХАРАКТЕРИ'СТИКА** *ж.* **1.** мүнөздөө, мүнөздөмө; **дать положи́тельную характери́стику** *кому-л. бирөөгө* оң мүнөздөмө берүү; **характери́стика эпо́хи** доордун мүнөздөмөсү, доорду мүнөздөө; **2.** *мат.* характеристика (*ондук логарифманын бүтүн бир бөлүгү*).

**ХАРАКТЕ'РНО 1.** *нареч.* мүнөздүү; **2.** *безл. в знач. сказ.* мүнөздүү, өзгөчөлүгү бар; **характе́рно, что он уклони́лся от прямо́го отве́та** түз жооп берүүдөн тайсалдагандыгы ага мүнөздүү; **э́то для него́ характе́рно** бул ал үчүн мүнөздүү.

**ХАРАКТЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*имеющий резко выраженные особенности*) мүнөздүү, өзүнчө бир түрдүү; **характе́рная черта́** мүнөздүү белги; **2.** (*свойственный, отличительный*) мүнөздүү, өзүнчө бир өзгөчөлүгү бар; **характе́рный для се́вера кли́мат** түндүккө мүнөздүү климат; **3.** *театр.* ылайыктуу, мүнөздүү; **характе́рные та́нцы** мүнөздүү бийлер, ылайыктуу бийлер; **характе́рные ро́ли** мүнөздүү ролдор, ылайыктуу ролдор.

**ХА'РИУС** *м.* (*рыба*) хариус (*тузсуз сууда жашоочу балык*).

**ХА'РКАНЬЕ** *ср.* какыруу, түкүрүү.

**ХА'РКАТЬ** *несов. разг.* какыруу, түкүрүү; **ха́ркать кро́вью** кан түкүрүү.

**ХА'РКНУТЬ** *однокр. см.* **ха́ркать.**

**ХАРКО'ТИНА** *ж. разг.* какырык.

**ХА'РТИЯ** *ж.* хартия (**1.** *филол. байыркы кол жазма жана да ошол кол жазма жазылган материал;* **2.** *полит. кээ бир өтө олуттуу коомдук саясий мааниси бар документтердин аты*).

**ХАРЧЕ'ВНЯ** *ж. уст.* ашпузул, ашкана (*трактир, закусочная*).

**ХАРЧИ'** *мн.* (*ед.* **харч** *м.*) *разг.* азык, тамак.

**ХА'РЯ** *ж. прост. груб.* бет, жүз.

**ХА'ТА** *ж. обл.* үй, там үй; ◇ **моя́ ха́та с кра́ю** *погов.* төө көрдүңбү? — жок; бээ көрдүңбү? — жок (*мен такыр билбейм; менин ишим жок; мени катыштырбагыла*).

**ХА'ТА-ЛАБОРАТО'РИЯ** *ж.* хата-лаборатория (*колхоздук агрономиялык лаборатория*).

**ХА-ХА'** *звукоподр.* ха-ха, хэ-хэ (*каткырып күлүүнү туурoo*).

**ХА'ЯТЬ** *несов. кого-что, разг.* маскаралоо, жамандоо, кордоо, тилдөө.

**ХВАЛА'** *ж.* мактоо, даңк, атак; **хвала́ и честь геро́ю** баатырга даңк жана атак; **воздава́ть хвалу́** тийиштүү мактоо айтуу.

**ХВАЛЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое мактаган, мактоолуу; **хвале́бный о́тзыв** мактаган баа; **хвале́бная песнь** мактаган ыр; **хвале́бная речь** мактаган сөз.

**ХВАЛЁНЫЙ,** -ая, -ое *разг. ирон.* макталган.

**ХВАЛИ'ТЬ** *несов. кого-что* мактоо.

**ХВАЛИ'ТЬСЯ** *несов.* мактануу.

**ХВА'СТАТЬ** *несов. см.* **хва́статься.**

**ХВА'СТАТЬСЯ** *несов. кем-чем* мактануу; **он хва́стается, что всё успе́ет сде́лать** бардыгын иштеп жетише алам деп, ал мактанат.

**ХВАСТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* мактанчаактык, мактангандык, көйрөңдүк.

**ХВАСТЛИ'ВЫЙ,** -ая, -ое мактанчаак, көйрөң; **хвастли́вый отве́т** мактанчаак жооп.

**ХВАСТОВСТВО'** *ср.* мактанчаактык, көйрөңдүк.

**ХВАСТУ'Н** *м.* мактанчаак, көйрөң.

**ХВАСТУНИ'ШКА** *м. пренебр. см.* **хвасту́н.**

**ХВАСТУ'НЬЯ** *женск. р. к* **хвасту́н.**

**ХВАТ** *м. разг.* чапчаң, эпчил, шамдагай.

**ХВАТА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое кармагыч, кармай калгыч, кыпчый калуучу, кыпчыгыч; **хвата́тельные о́рганы насеко́мых** курт-кумурсканын кыпчый калуучу мүчөсү; **хвата́тельные движе́ния** кармагыч кыймылдар.

**ХВАТА'ТЬ** I *несов. кого-что* **1.** (*схватывать*) алуу, тосуп алуу, кармай калуу, талашуу; тиштөө (*о собаке*); **хвата́ть** *кого-л.* **за́ руку** *бирөөнү* колунан кармай калуу; **2.** (*брать без разбора*) ала берүү, кармоо; **хвата́ть что попа́ло** колуна эмне урунса эле, ала берүү; ◇ **хвата́ть на лету́** бат билүү, бат түшүнүү; **звёзд с не́ба не хвата́ет** арымы кыска; өргө чабар өнөрү жок.

**ХВАТА'ТЬ** II *несов.* (*быть достаточным*) *см.* **хвати́ть** I; **не хвата́ть** *безл.* жетишпөө, жетпөө, мүчүлүш болуу, кемдик (аздык) кылуу; **э́того ещё не хвата́ло** ушул эле жетишпей турду эле; анысы да аз келгенсип.

**ХВАТА'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *за кого-что* кармоо, кармануу, кармай калуу; **хвата́ться за́ голову** 1) *разг.* өкүнүп, башын мыкчып калуу; 2) *перен.* (*спохватываться*) эсине кийин түшө калуу; **хвата́ться за са́блю** кылычка дам уруу, кылычты кармай калуу; **2.** *за что, перен. разг.* (*начинать что-л. делать*) көрүнгөн ишке асылуу, урунуп берилүү; ◇ **утопа́ющий и за соло́минку хвата́ется** *посл.* буюкканга жылдыз — от (*сууга чөгүп бараткан киши чөпкө да жармашат*).

**ХВАТИ'ТЬ** I *сов. чего* (*быть достаточным*) жетүү, жетишүү; **хле́ба хва́тит до но́вого урожа́я** жаңы түшүмгө чейин нан жетишет; **э́того мне хва́тит на ме́сяц** бул мага бир айга жетет; **у него́ хвати́ло му́жества** анын кайраттуулугу жетти; **хва́тит си́лы** күчү жетишет, күч жетет; ◇ **хва́тит!** болду!, жетишет!; **хва́тит, бо́льше не хочу́** болду, дагы кереги жок; жетишет, дагы каалабаймын; **хва́тит тебе́ врать!** калпыңды кой!

**ХВАТИ'ТЬ** II *сов. разг.* **1.** *чем* (*ударить*) коюп жиберүү, коюп калуу, уруп жиберүү; **хвати́ть кулако́м по́ столу** столду муштум менен бир коюу; **хвати́ть па́лкой** союл менен уруп жиберүү; **2.** *см.* **хвата́ть** I 1; **соба́ка хвати́ла его́ за́ ногу** ит аны буттан алды; **3.** *чего* (*испытать, перенести*) баштан кечирүү, баштан өткөрүү; **хвати́ть го́ря (стра́ху)** кайгы-капаны (коркунучту) баштан өткөрүү; **4.** *кого-что* (*поразить*) уруу, согуу, болуп калуу; **его́ хвати́л парали́ч** аны паралич сокту; **моро́зом хвати́ло посе́вы** эгинди суук урду; ◇ **хвати́ть че́рез край** бир нерсени ыксыз ашыра айтып жиберүү; апыртып жиберүү, ашырып жиберүү; **хвати́ть ли́шнее** *разг.* артык баш ичүү (*арак, винону*).

**ХВАТИ'ТЬСЯ** *сов. разг.* **1.** *см.* **хвата́ться** I; **хвати́ться за са́блю** кылычка дам уруу, кылычты кармай калуу; **2.** *кого-чего* эске түшө калуу, ойго кылт эте түшүү; **уйдём поскоре́е, пока́ нас не хвати́лись** бизди байкап кала элегинде батыраак кетели; **хвати́ться ключе́й** ачкыч эске түшө калуу.

**ХВА'ТКА** *ж.* алгырлык; **мёртвая хва́тка** *см.* **мёртвый; схвати́ть мёртвой хва́ткой** 1) тиштегенде тиши батып кетип, карышып калуу (*мис. ит*); 2) *перен.* (*о людях*) бир нерсени (*эрежени ж. б.*) катуу кармоо.

**ХВА'ТКИЙ,** -ая, -ое *разг.* (*цепкий*) шамдагай жана бекем жармашуучу, кармоочу (*адам*); алгыр (*куш, ит*).

**ХВАТЬ** *в знач. сказ. прост.* **1.** шак эттирип (тарс эттирип) коюп калуу; **хвать его́ ка́мнем по голове́** таш менен

www.bizdin.kg

баштап ары тарс эттирип коюп калды; 2. (*хватился*) карасам эле; **хвать — а де́нег-то нет!** карасам эле — акчам жок!

**ХВО'ЙНЫЕ** *мн.* (*ед.* **хво́йное** *ср.*) *бот.* ийне жалбырактуулар (*мис. карагай, арча*).

**ХВО'ЙНЫЙ**, -ая, -ое ийне жалбырактуу; **хво́йный лес** ийне жалбырактуу токой; **хво́йное де́рево** ийне жалбырактуу жыгач.

**ХВОРА'ТЬ** *несов. разг.* ооруу, ооруп жүрүү, ноокастоо, сыркоолоо.

**ХВО'РОСТ** *м. собир.* 1. чырпык, куураган чырпык, кургак бутакча (*жыгачтын түшүп калган кургак чырпыгы*); **собира́ть хво́рост** куураган чырпык жыйноо; **топи́ть хво́ростом** куураган чырпык жагуу; 2. (*печенье*) майга бышырган кытырак чоймо токоч.

**ХВОРОСТИ'НА** *ж.* куу чырпык, куу ичке бутак (*узун бир тал*).

**ХВО'РЫЙ**, -ая, -ое *прост.* оору, оорулуу, сыркоолуу; **хво́рый челове́к** оору адам.

**ХВОРЬ** *ж. прост.* оору.

**ХВОСТ** *м.* 1. куйрук; **ко́нский хвост** жылкынын куйругу; **распусти́ть хвост** (*о павлине*) куйругун жаюу; **виля́ть хвосто́м** 1) куйругун шыйпаңдатуу; 2) *перен.* (*хитрить*) амалдап куйтан ойнотуу, жылпыштатуу, култулдоо, тайсалдоо; 2. (*задняя, конечная часть чего-л.*) арт жак, арт, куйрук; **хвост коме́ты** кометанын куйругу; **в хвосте́ по́езда** поезддин артында; **хвост самолёта** самолёттун куйругу; 3. *разг.* (*очередь*) арт, очередь; **хвост за биле́тами** билетке очередь; 4. *перен. разг.* (*о несданном экзамене*) куйрук; ◇ **идти́ в хвосте́** *или* **плести́сь в хвосте́** эң эле артта жүрүү (*кызматта бардык кишиден артта болуу*); **поджа́ть хвост** *разг.* жини кагылып, мизи кайтып тыйылып калуу.

**ХВОСТА'ТЫЙ**, -ая, -ое куйруктуу, куйругу бар; **хвоста́тые земново́дные** кургакта да, сууда да жашоочу куйруктуу жаныбарлар.

**ХВОСТИ'ЗМ** *м. полит.* хвостизм (*окуялардын артынан гана ээрчиген, артта калгандарга, революциялык кыймылдын стихиялык элементтерине ыкташууга умтулууну көксөгөн, партиянын жетекчи ролун танган оппортунисттик тактика*).

**ХВО'СТИК** *м.* 1. *уменьш.-ласк. от* **хвост** 1 куйрукча, кичинекей куйрук; 2. (*кончик чего-л.*) куйрук (*бир нерсенин сороюп бөлүнүп турган бөлүгү*); **бу́ква с хво́стиком** куйруктуу тамга; ◇ **ему́ пятьдеся́т лет с хво́стиком** *разг.* ал элүү жаштан ашуун; **де́сять киломе́тров с хво́стиком** *разг.* он километрден ашуун.

**ХВОСТИ'СТ** *м. полит.* хвостист (*хвостизмди жактоочу, оппортунист*).

**ХВОСТОВО'Й**, -а́я, -о́е 1. **хвост** 1-*ге т.*; **хвостовы́е пе́рья у птиц** канаттуулардын куйрук жүнү; 2. арткы; **хвостово́й мо́лот** *тех.* арткы чоң балка; **хвостовы́е ваго́ны** арткы вагондор; ◇ **хвостовы́е позвонки́** чычаң, куймулчак.

**ХВОЩ** *м. бот.* кырк муун, жүлгүр; **полево́й хвощ** (*сорняк*) кырк муун (*отоо чөптүн бир түрү*).

**ХВО'Я** *ж. собир. бот.* ийне жалбырак (*карагай, арча өңдүү жыгачтардын жалбырагы*); **сосно́вая хво́я** кызыл карагайдын ийне жалбырагы.

**ХЕ'ДЕР** *м. с.-х.* хедер (1. *комбайндын эгин оро турган аппараты*; 2. *эгин оргуч машинанын бир түрү*).

**ХИА'ЗМ** *м. лингв.* сүйлөм мүчөлөрүнүн орун алмашышы.

**ХИА'ЗМА** *ж. см.* **хиа́зм.**

**ХИБА'РА** *ж. см.* **хиба́рка.**

**ХИБА'РКА** *ж. разг.* алачык, күркө.

**ХИ'ЖИНА** *ж.* жаман там үй *же* алачык.

**ХИ'ЛОСТЬ** *ж.* начардык, илмигийлик, кыржыгыйлык, чилмигийлик.

**ХИ'ЛЫЙ**, -ая, -ое начар, илмигий, чилмигий, кыржыгый; **хи́лый ребёнок** оорулуу илмигий бала.

**ХИМЕ'РА** *ж.* химера (1. *миф. байыркы гректердин мифологиясында — оозунан от чыгып турган, арстан ооздуу, жылан куйруктуу ажыдаар*; 2. *перен. иш жүзүнө ашпай турган курулай кыял*).

**ХИМЕРИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое химералуу (*укмуштуу фантазиялуу; иш жүзүнө ашырылгыс; кыялый*).

**ХИМЕРИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое *см.* **химери́ческий.**

**ХИМИЗА'ЦИЯ** *ж.* химизация, химиялаштыруу (*химиянын жетишкендиктерин жана методдорун эл чарбачылыгынын бардык тармактарына — өнөр жайларга жана айыл чарбага кең түрдө киргизүү*); **химиза́ция се́льского хозя́йства** айыл чарбаны химиялаштыруу.

**ХИМИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* химиялаштыруу; **химизи́ровать се́льское хозя́йство** айыл чарбаны химиялаштыруу.

**ХИМИ'ЗМ** *м.* химизм (*бир процесстин, көрүнүштүн химиялык негизи, түбү*).

**ХИ'МИК** *м.* химик (1. *химия жагындагы специалист*; 2. *химиялык өндүрүш жайынын кызматчысы*).

**ХИМИКА'ЛИИ** *только мн.* химикалии (*химиялык продуктылар*).

**ХИМИКА'Т** *м.* химикат (*химиялык препарат, химиялык нерселер*).

**ХИМИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **химия**-*га т.*; химиялык; **хими́ческий элеме́нт** химиялык элемент; **хими́ческая обрабо́тка де́рева** жыгачты химиялык жол менен иштетүү; **хими́ческий снаря́д** химиялык снаряд; **хими́ческая фи́зика** химиялык физика; **хими́ческая реа́кция** химиялык реакция; **хими́ческое соедине́ние** химиялык бирикме; **хими́ческая лаборато́рия** химиялык лаборатория; **хими́ческая промы́шленность** химиялык өнөр жай; **хими́ческий каранда́ш** сыя карандаш; **хими́ческая чи́стка** химиялык тазалоо (*кийимди, буюмду*); **хими́ческая война́** химиялык согуш; **хими́ческая трево́га** *воен.* химиялык тревога.

**ХИ'МИЯ** *ж.* химия (*материянын түзүлүш составы, өзгөрүшү жөнүндөгү илим*); **органи́ческая хи́мия** органикалык химия; **неоргани́ческая хи́мия** органикалык эмес химия; **курс хи́мии** химия курсу; **учебник хи́мии** химия окуу китеби.

**ХИ'НА** *ж. разг. см.* **хини́н.**

**ХИ'НДИ** *м. нескл. лингв.* хинди.

**ХИНИ'Н** *м. фарм.* хинин (*хина жыгачынын кабыгынан жасалган ак порошок; медицинада, көбүнчө безгекке каршы колдонулуучу дары*).

**ХИ'ННЫЙ**, -ая, -ое **хина**-*га т.*; **хи́нные порошки́** хина порошогу; **хи́нное де́рево** хина (хинин) жыгачы (*Түштүк Америкада өсүүчү жыгач; мунун кабыгында хинин бар*).

**ХИРЕ'ТЬ** *несов.* 1. жүдөө, арыктоо, алсыроо, начарлоо; 2. *перен.* начарлап калуу, төмөндөө, тозуу, кедейлеңүү.

**ХИРМА'Н** *м. с.-х.* кырман.

**ХИРОМА'НТ** *м.* алаканчы, алакан көрүүчү, балчы, балгер (*алакандын бырыштарына, сызыктарына карап бал ачуучу алдамчы киши*).

**ХИРОМА'НТИЯ** *ж.* алакан кароо (*алакандын сызыктарына, бырыштарына карап бал ачып алдамчылык кылуу*).

**ХИРОМА'НТКА** *женск. р. к* **хирома́нт.**

**ХИРУ'РГ** *м.* хирург (*хирургия жагындагы специалист*).

**ХИРУРГИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **хирургия**-*га т.*; хирургиялык; **хирурги́ческая опера́ция** хирургиялык операция (*дененин ооруган жерин операция кылып дарылоо*); **хирурги́ческая кли́ника** хирургиялык клиника; **хирурги́ческое вмеша́тельство** хирургиялык кийлигишүү.

**ХИРУРГИ'Я** *ж.* хирургия (*дененин ооруган жерин кесүү же жамоо, эптөө методдоруна негизделген медицинанын бир тармагы*).

www.bizdin.kg

**ХИТИ'Н** *м. биол.* хитин (*рак, жөргөмүш, курт-кумурска сыяктуу жаныбарлардын денесинин сыртындагы катуу кабыгын түзүүчү ат*).

**ХИТО'Н** *м. ист.* хитон (*байыркы гректердин узун көйнөк сыяктуу кийими*).

**ХИТРЕ'Ц** *м.* куу, куу киши, айлакер, амалкөй.

**ХИТРЕЦА'** *ж. разг.*: **с хитрецо́й** куу, кыйды, тапан; **он не без хитрецы́** ал куу, ал кыйды, ал тапан.

**ХИТРИ'НКА** *ж. см.* **хитреца́**.

**ХИТРИ'ТЬ** *несов.* **1.** (*проявлять хитрость*) куулануу; **что тут хитри́ть?** мында куулануунун эмне кереги бар?; **2.** *разг.* (*мудрить*) амал кылуу, айла кылуу.

**ХИТРО'** *нареч. разг.* **1.** (*изворотливо*) эптүүлүк менен; **он о́чень хитро́ де́йствовал** ал абдан эптүүлүк менен аракет кылды; **2.** (*искусно*) чебердик менен, устаттык менен, кылдаттык менен; **э́та игру́шка сде́лана хитро́** бул оюнчук чебердик менен жасалган; **3.** (*замысловато*) амал менен, татаал иле менен; **хитро́ приду́мано** амал менен ойлогон, амал менен иштелген.

**ХИТРОСПЛЕТЕ'НИЕ** *ср.* **1.** (*вычурное построение, изложение мыслей*) ыксыз татаал коодолуп айтылган, жазылган ой (пикир); **2.** (*коварный, хитроумный замысел*) арамза ойлор, айлакер куулук; **распу́тать хитросплете́ния враго́в** душмандын арамза оюн кандай экенин табуу.

**ХИ'ТРОСТЬ** *ж.* **1.** (*лукавство, коварство, хитрый поступок*) амалдуулук, амалкөйлүк, куулук, жаман ойлуулук, арамзалык, эки жүздүүлүк, иле; **взять хи́тростью** амалдуулук менен алуу; **пусти́ться на хи́трости** амалдуулук кылуу, амалдуулукту колдонуу; **2.** (*трудность, сложность*) айлалуулук, татаалдык; **хи́трость устро́йства** түзүлүшүнүн татаалдыгы; **вот в чём хи́трость** айлалуулук мына ушунда.

**ХИТРОУ'МНЫЙ,** -ая, -ое айлакер, куу, амалдуу; **хитроу́мные за́мыслы** амалдуу ойлор.

**ХИ'ТРЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*лукавый*) куу, амалдуу, айлакер, арамза, жаман ойлуу (*коварный*); **2.** (*изворотливый*) эптүү; **хи́трый челове́к** эпчил киши; **3.** (*замысловатый*) тетиктүү, илелүү, түшүнүгү кыйын; **де́ло не хи́трое** тетиктүү иш эмес; **хи́трое устро́йство** тетиктүү татаал түзүлүш.

**ХИХИ'КАНЬЕ** *ср.* кыт-кыт күлүү, кыткылыктап күлүү.

**ХИХИ'КАТЬ** *несов. разг.* кыт-кыт күлүү, кыткылыктап күлүү.

**ХИХИ'КНУТЬ** *однокр.* бырс этип күлүп коюу.

**ХИЩЕ'НИЕ** *ср.* уурдоо; **раскры́ть хище́ние** уурдоонун бетин ачуу.

**ХИ'ЩНИК** *м.* **1.** (*зверь, птица*) жырткыч, жырткыч айбан, жырткыч жаныбар; **2.** *перен.* жырткыч, канап-бутагыч.

**ХИ'ЩНИЦА** *женск. р. к* **хи́щник** 2.

**ХИ'ЩНИЧАТЬ** *несов.* жырткычтык кылуу.

**ХИ'ЩНИЧЕСКИ** *нареч.* жырткычтык менен.

**ХИ'ЩНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **1.** жырткыч, жырткычтык; **хи́щнические инсти́нкты** жырткычтык инстинкттер; **2.** *перен.* белгиленген эрежеге багынбаган; тартипсиз улуп-жулган; **хи́щнический лов ры́бы** балыкты белгиленген эрежени бузуп, кармоо.

**ХИ'ЩНИЧЕСТВО** *ср.* жырткычтык, канап-бутоочулук.

**ХИ'ЩНО** *нареч.* жырткычтык менен, жырткычтарча.

**ХИ'ЩНОСТЬ** *ж.* жырткычтык; **проявля́ть хи́щность** жырткычтыгын көрсөтүү, жырткычтык кылуу; **хи́щность взгля́да** *перен.* жырткычтарча карoo, көз караштын жырткычтыгы.

**ХИ'ЩНЫЙ,** -ая, -ое **1.** жырткыч; **хи́щные зве́ри** жырткыч айбандар; **хи́щные пти́цы** жырткыч канаттуулар; **2.** *перен.* жырткыч, жырткычтарча, жуткуч, канап-бутоочу; **хи́щный взгляд** жырткычтарча карoo; **3.** *см.* **хи́щнический.**

**ХЛАДНОКРО'ВИЕ** *ср.* оор басырыктык; **сохрани́ть хладнокро́вие** оор басырыктыкты сактоо; **не теря́ть хладнокро́вия** оор басырыктыкты жоготпоо.

**ХЛАДНОКРО'ВНО** *нареч.* токтоолук менен, оор басырыктык менен; **де́йствовать хладнокро́вно** оор басырыктык менен аракет кылуу.

**ХЛАДНОКРО'ВНЫЙ,** -ая, -ое оор басырык, оор басырыктуу; **хладнокро́вный челове́к** оор басырыктуу киши; **хладнокро́вный взгляд** оор басырык көз караш.

**ХЛАДОБО'ЙНЯ** *ж.* тоңдурма кушкана (*эт тоңдургуч шаймандары бар кушкана*).

**ХЛАМ** *м. собир.* көр-жер, ыпыр-тыпыр, ыпыр-сыпыр, жаман, жараксыз эски нерсе.

**ХЛАМИ'ДА** *ж.* **1.** *ист.* хламида (*Байыркы Грецияда — эркектер кийүүчү плащ сыяктуу кийимдин бир түрү*); **2.** *перен. шутл.* көрүксүз узун кийим.

**ХЛЕБ** *м.* **1.** нан, токоч; **бе́лый хлеб** ак нан; **чёрный хлеб** кара нан; **килогра́мм хле́ба** бир килограмм нан; **чёрствый хлеб** курган, катып калган нан; **хлеб с ма́слом** май сүртүлгөн нан; **сажа́ть хлеб в печь** мешке нан салуу; **2.** дан, кызыл (*зерно*), ашлык, эгин (*в поле*); **ози́мые хлеба́** күздүк эгин; **яровы́е хлеба́** жаздык эгин; **ссы́пка хле́ба** данды төгүү (*мис. кампага*); **э́кспорт хле́ба** дан экспорту; **загото́вка хле́ба** эгин даярдоо; **хлеб на корню́** орула элек өсүп турган эгин; **3.** *перен.* (*средства к существованию*) аш, тамак, азык, оокат, каражат; **зараба́тывать себе́ на хлеб** өзүнө керектүү оокат каражатын иштеп таап алуу; **лёгкий хлеб** бел оорубай, чеке тердебей эле табылган оокат; **лиши́ть куска́ хле́ба** таап турган оокатынан ажыратуу; ◇ **перебива́ться с хле́ба на ква́с** *разг.* кедейчиликте жашоо, эптеп-септеп күн көрүү; **хлеб да соль** тамакка береке (*тамактын үстүнөн чыкканда айтылат*); **хлеб-со́ль** *разг.* 1) (*угощение*) конокко берилүүчү тамак-аш; 2) (*гостеприимство*) меймап-достук; **насу́щный хлеб** күндөлүк турмушка зарыл нерселер.

**ХЛЕБА'ТЬ** *несов. что, разг.* **1.** (*есть жидкое*) ууртоо, кашык менен ууртоо (*суюк тамакты*); **2.** (*пить большими глотками*) чоң-чоң ууртап ичүү (*мис. чайды*); ◇ **уйти́ не со́лоно хлеба́вши** *разг.* куру алакан кайтуу, таш жалак болуу.

**ХЛЕ'БНИЦА** *ж.* нан сала турган тарелка *же* корзинка.

**ХЛЕБНУ'ТЬ** *однокр.* ууртоо (*бир мертебе*); ◇ **хлебну́ть ли́шнего** ичкиликти артыкбаш ичүү; **хлебну́ть го́ря** азап чегүү, кайгыны баштан өткөрүү.

**ХЛЕ'БНЫЙ,** -ая, -ое **1.** хлеб-*ге т.*; **хле́бный магази́н** нан магазини; **хле́бный ры́нок** эгин базары; **хле́бные проду́кты** дан азыктары; **хле́бный амба́р** кампа; **хле́бная во́дка** арак; **хле́бное де́рево** нан жыгачы; **2.** (*урожайный*) түшүмдүү, эгин мыкты чыккан; **хле́бный год** эгин мыкты чыккан жыл; **хле́бный край** эгин мыкты чыкчу өлкө; **3.** *перен. разг.* (*выгодный*) пайдалуу, кирешелүү (*иш, кызмат*); **хле́бная до́лжность** өзүнүн керт башына пайдалуу кызмат.

**ХЛЕБОБУ'ЛОЧНЫЙ,** -ая, -ое: **хлебобу́лочные изде́лия** ар түрдүү нандар, булкалар.

**ХЛЕБОЗАВО'Д** *м.* нан завод, нан заводу (*нан бышыруучу завод*).

**ХЛЕБОЗАГОТОВИ'ТЕЛЬ** *м.* дан даярдоочу (*дан даярдоо ишинде кызмат кылуучу киши*).

**ХЛЕБОЗАГОТОВИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая -ое: **хлебозаготови́тельная кампа́ния** дан даярдоо өнөктүгү.

**ХЛЕБОЗАГОТО'ВКИ** *мн.* (*ед.* **хлебозаготовка** *ж.*) дан даярдоо.

**ХЛЕБОЗАКУ'ПКА** *ж.* дүңүнөн дан сатып алуу.

**ХЛЕБОПА'ШЕСКИЙ,** -ая, -ое **хлебопашество**-*го т.*

**ХЛЕБОПА'ШЕСТВО** *ср. уст.* эгин айдоочулук, дыйканчылык.

www.bizdin.kg

**ХЛЕБОПА'ШЕЦ** *м. уст.* дыйкан (*эгин айдоочу*).
**ХЛЕБОПЁК** *м.* наабайчы, нан бышыруучу адам.
**ХЛЕБОПЕКА'РНЫЙ**, -ая, -ое нан бышыруучу; **хлебопека́рная промы́шленность** нан бышыруучу өнөр жай.
**ХЛЕБОПЕКА'РНЯ** *ж.* нан бышырылуучу жай, наабайкана.
**ХЛЕБОПЕЧЕ'НИЕ** *ср.* нан бышыруу.
**ХЛЕБОПОСТА'ВКА** *ж. см.* **хлебосда́ча.**
**ХЛЕБОПРОДУ'КТЫ** *мн.* (*ед.* **хлебопроду́кт** *м.*) эгин продуктылары (*ун, акталган таруу ж. б.*).
**ХЛЕБОПРОИЗВОДЯ'ЩИЙ**, -ая, -ее эгин өндүрүүчү; **хлебопроизводя́щий райо́н** эгин өндүрүүчү район.
**ХЛЕБОРЕ'З** *м.* (*рабочий*) нан кесүүчү жумушчу.
**ХЛЕБОРЕ'ЗКА** *ж.* нан кескич (*аспап*).
**ХЛЕБОРО'Б** *м.* дыйкан (*эгин айдоочу киши*).
**ХЛЕБОРО'ДНЫЙ**, -ая, -ое даны жакшы, эгини мыкты, **хлеборо́дная страна́** эгини мыкты өлкө; **хлеборо́дный год** эгин мыкты чыккан жыл.
**ХЛЕБОСДА'ТОЧНЫЙ**, -ая, ое **хлебосдача**-*га т.*; **хлебосда́точный пункт** эгин тапшырыла турган пункт.
**ХЛЕБОСДА'ЧА** *ж.* эгин тапшыруу (*мамлекетке*).
**ХЛЕБОСО'Л** *м.* меймандос киши.
**ХЛЕБОСО'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое меймандос; **хлебосо́льные лю́ди** меймандос кишилер; **хлебосо́льный хозя́ин** меймандос үй ээси.
**ХЛЕБОСО'ЛЬСТВО** *ср.* меймандостук.
**ХЛЕБОТОРГО'ВЕЦ** *м.* эгин сатуучу, аштык сатуучу.
**ХЛЕБОТОРГО'ВЛЯ** *ж.* эгин соодасы, аштык соодасы.
**ХЛЕБОТОРГО'ВЫЙ**, -ая, -ое **хлеботорговля**-*га т.*; эгин сатуучу; **хлеботорго́вые организа́ции** эгин сатуучу уюмдар; **хлеботорго́вая сеть** эгин соодасынын тармагы.
**ХЛЕБОУБО'РКА** *ж.* эгин оруп-жыюу.
**ХЛЕБОУБО'РОЧНЫЙ**, -ая, -ое **хлебоуборка**-*га т.*, **хлебоубо́рочная кампа́ния** эгин оруп-жыюу кампаниясы.
**ХЛЕ'Б-СО'ЛЬ** *ж. см.* **хлеб.**
**ХЛЕВ** *м.* кепе, малкана; **ове́чий хлев** кой кепе; **коро́вий хлев** уйкана, уй кепе.
**ХЛЕСНУ'ТЬ** *однокр. см.* **хлестну́ть.**
**ХЛЕСТА'ТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* (*бить, стегать*) камчылоо, сабоо (*камчы менен, чыбык менен*); **хлеста́ть ло́шадь кнуто́м** атты камчы менен сабоо; **холо́дный ве́тер хлеста́л в лицо́** *перен.* суук шамал бетке уруп турду; **2.** (*литься с шумом, плескаться*) диркирөө, зиркирөө, шатыратуу, шорголоо, шаркырата куюу; **дождь хле́щет в о́кна** жамгыр терезеге катуу согуп турат; **кровь хле́щет из ра́ны** жарааттан кан диркиреп турат.
**ХЛЁСТКИЙ**, -ая, -ое **1.** шарт этип тийме, чып этип тийме, сокмо, урма; **хлёсткий кнут** чып этип тийме камчы; **хлёсткий ве́тер** бетке урма шамал; **2.** *перен.разг.* (*резкий*) катуу тийүүчү, чучукка тийме, чучукка тийүүчү; **хлёсткие слова́** чучукка тийме сөз.
**ХЛЕСТНУ'ТЬ** *однокр. см.* **хлеста́ть** 1.
**ХЛОП 1.** *межд.* шак-шак (*кол чапкандагы добуш*); **2.** *в знач. сказ.* чапты, урду; **он хлоп кулако́м по́ столу** ал муштуму менен столду бир урду.
**ХЛО'ПАНЬЕ** *ср.* **1.** (*действие*) шарт эттирүү, шак эттирүү, тарс эттирүү, шартылдатуу, тарсылдатуу (*мис. эшикти жапканда*); **хло́панье дверьми́** эшикти шарт эттирип жабуу; **хло́панье в ладо́ши** алакан чабуу, кол чабуу; **2.** (*шум, звуки*) тарсылдак, шакылдак (*ун, добуш*); **послы́шалось хло́панье** тарсылдак угулду.
**ХЛО'ПАТЬ** *несов.* **1.** *кого-что, по чему* (*ударять*) чапкылоо, чабуу, ургулоо; **хло́пать руко́й по плечу́** алакан менен далыга чапкылоо; **2.** (*аплодировать*) кол чабуу, алакан чабуу; **хло́пать арти́сту** артистке кол чабуу; **хло́пать в ладо́ши** алакан чабуу; **3.** *чем* шарт эттирүү, шак эттирүү, тарс эттирүү, шартылдатуу, тарсылдатуу; **хло́пать дверьми́** эшикти шарт эттирүү; **хло́пать бичо́м** шапалакты шакылдатуу; ◇ **хло́пать глаза́ми** *разг.* түшүнбөй жалдырап туруу; **хло́пать уша́ми** *разг.* айткан сөз, делдейип, кулагына кирбөө; айткан сөз кулагына кирбей эле делдейип калуу.
**ХЛО'ПАТЬСЯ** *несов. см.* **хло́пнуться.**
**ХЛО'ПЕЦ** *м. разг. обл.* жигит.
**ХЛОПКОВО'Д** *м.* пахтачы (*пахта жайындагы специалист же пахта айдоочу*).
**ХЛОПКОВО'ДСТВО** *ср.* пахтачылык.
**ХЛОПКОВО'ДЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **хлопководство**-*го т.*; **хлопково́дческий совхо́з** пахтачылык совхозу, пахта эгүүчү совхоз.
**ХЛО'ПКОВЫЙ**, -ая, -ое **хлопок**-*ко т.*; **хло́пковая промы́шленность** пахта өнөр жайы; **хло́пковые поля́** пахта талаасы; **хло́пковое ма́сло** пахта майы; **хло́пковое се́мя** чигит; **хло́пковое волокно́** пахта буласы; **хло́пковая со́вка** *зоол.* пахта көпөлөгү (*пахта, жүгөрү, буурчак, дан жана башкаларга зыян келтирүүчү түн көпөлөгү*).
**ХЛОПКОЗАГОТО'ВКИ** *мн.* (*ед.* **хлопкозаготовка** *ж.*) пахта даярдоолор.
**ХЛОПКОКОМБА'ЙН** *м.* пахта комбайны, пахта жыйноочу комбайн.
**ХЛОПКООЧИСТИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое пахта тазалагыч, пахта тазалоочу; **хлопкоочисти́тельный заво́д** пахта тазалоочу завод; **хлопкоочисти́тельная маши́на** пахта тазалоочу машина.
**ХЛОПКОПРЯДЕ'НИЕ** *ср.* пахта ийрүү.
**ХЛОПКОПРЯДИ'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **хлопкопрядение**-*ге т.*
**ХЛОПКОРО'Б** *м.* пахтачы, пахтакер (*пахта айдоочу киши*).
**ХЛОПКОСДА'ЧА** *ж.* пахта тапшыруу.
**ХЛОПКОСЕ'ЮЩИЙ**, -ая, -ее пахта айдоочу, пахта эгүүчү, **хлопкосе́ющий райо́н** пахта айдоочу район.
**ХЛОПКОУБО'РКА** *ж.* пахта жыюу, пахта жыйноо
**ХЛОПКОУБО'РОЧНЫЙ**, -ая, -ое **хлопкоуборка**-*га т.*; **хлопкоубо́рочная маши́на** пахта жыюучу машина; **хлопкоубо́рочная кампа́ния** пахта жыйноо кампаниясы.
**ХЛО'ПНУТЬ** *однокр.* **1.** *см.* **хло́пать** 1, 2; **2.** шарт эттирүү, шак эттирүү, шак этүү, шарт этүү, тарс этүү, барс этүү, тарс эттирүү; **дверь хло́пнула** эшик шарт этип жабылды; **хло́пнул вы́стрел** тарс этип атылган үн чыкты.
**ХЛО'ПНУТЬСЯ** *однокр. разг.* **1.** (*упасть*) күрс этип жыгылуу; **хло́пнуться на зе́млю** жерге күрс этип жыгылуу; **2.** (*удариться*) тарс этип согулуу, тийүү; **хло́пнуться о дверь** эшикке тарс этип согулуу.
**ХЛО'ПОК** *м.* пахта, кебез; **хло́пок-сырец** чигиттүү пахта; **длинноволокни́стый хло́пок** узун булалуу пахта.
**ХЛОПО'К** *м.* чап эттирүү (*мис. алаканды*).
**ХЛОПОТА'ТЬ** *несов.* **1.** машакаттануу, иришүү, алпурушуу, түйшүктөнүү, аракеттенүү; **хлопота́ть по хозя́йству** чарба менен алпурушуу; **не хлопочи́те** машакаттанбаңыз; **2.** *о чём* изденип аракет кылуу, артынан жүрүү, убаралануу, изденүү, кам жеш, кам көрүү, алек болуу, **хлопота́ть об о́тпуске де́нег** акча берилиши жөнүндө изденип аракет кылуу; **3.** *за кого, о ком* кам жеп аракет кылуу; **хлопота́ть за това́рища** жолдошу үчүн кам жеп аракет кылуу; **хлопота́ть о прия́теле** досу үчүн кам жеп аракет кылуу.
**ХЛОПОТЛИ'ВОСТЬ** *ж.* **1.** (*чего-л.*) убаралануучулук, машакаттануучулук; **2.** (*кого-л.*) камкордук, сарамжалдуулук; **проявля́ть изли́шнюю хлопотли́вость** ашыра сарамжалдуулук кылуу.
**ХЛОПОТЛИ'ВЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*затруднительный*) убаралуу, машакаттуу, түйшүктүү; **хлопотли́вое де́ло** машакаттуу иш; **хлопотли́вое поруче́ние** убаралуу тапшырма; **2.** (*суетливый*) ыгы жок шашкалаңдаган, камылгалуу, камкор, сарамжалдуу; **хлопотли́вый челове́к** сарамжалдуу киши.

www.bizdin.kg

**ХЛО'ПОТНЫЙ,** -ая, -ое **1.** *см.* **хлопотли́вый; 2.** түйшүгү көп, убарасы көп (*иш*).

**ХЛОПОТУ'Н** *м. разг.* камылгалуу, сарамжалдуу, бышык, түйшүкчүл (*тынымы жок, дайым кыбырап-сыбырап иштегенди сүйгөн киши*).

**ХЛОПОТУ'НЬЯ** *женск. р. к* **хлопоту́н.**

**ХЛО'ПОТЫ** *только мн.* убара, машакат, камылга, кам, түйшүк; **хло́поты по хозя́йству** чарбачылык боюнча машакат; **наде́лать** *кому-л.* **хлопо́т** *бирөөнү* убара кылуу; ◇ **хлопо́т по́лон рот** *разг.* баштан ашкан убара, көп убаракерчилик.

**ХЛОПУ'ШКА** *ж.* **1.** (*для мух*) чымын өлтүргүч (*таякчанын башына байланган теринин өөнү*); **2.** (*игрушка с сюрпризом*) шартылдак, шарпылдак (*бала оюнчугу*); **3.** шартылдак (*жалпы эле шартылдатуу үчүн жасалган нерсе*).

**ХЛОПЧА'ТНИК** *м.* козо, пахта (*өсүмдүк*).

**ХЛОПЧАТОБУМА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое: **хлопчатобума́жная промы́шленность** пахта иштетүүчү өнөр жай; **хлопчатобума́жная ткань** пахтадан жасалган кездеме.

**ХЛОПЧА'ТЫЙ,** -ая, -ое *уст. см.* **хлопчатобума́жный;** ◇ **хлопча́тая бума́га** пахта буласы.

**ХЛО'ПЬЯ** *только мн.* үлпүлдөк, үлпүлдөгөн, былпылдаган, лапылдаган (*жеңил нерсе*); **хло́пья сне́га** кардын лапылдагы; **снег идёт хло́пьями** кар лапылдап жаап турат; **кукуру́зные хло́пья** жүгөрүнүн куурулганда жарылып агарышы.

**ХЛОР** *м. хим.* хлор (*тумчуктургуч газ; ал санитарияда дезинфекциялоочу дары катарында жана согушта ууландыруучу зат катары колдонулат*).

**ХЛОРА'Л** *м. хим., мед.* хлорал (*хлордон жасалуучу өткүр жыттуу, түссүз, май сымал суюктук*).

**ХЛОРАЛГИДРА'Т** *м. хим., мед.* хлоралгидрат (*уктатуу жана тынчытуу үчүн колдонуучу дары*).

**ХЛОРИ'РОВАНИЕ** *ср. хим.* хлордоо (**1.** *иче турган сууну жана агын сууларды хлор менен дезинфекциялоо*; **2.** *органикалык заттарды хлор менен иштетүү*).

**ХЛОРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, хим.* хлордоо.

**ХЛОРИСТОВОДОРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое *хим.* хлордук-водороддук, хлор-водород (*мис. хлор менен водороддун бирикмеси*).

**ХЛО'РИСТЫЙ,** -ая, -ое *хим.* хлордуу, хлор аралашкан, хлор катышкан; **хло́ристый на́трий** хлордуу натрий; **хло́ристый ка́льций** хлордуу кальций.

**ХЛО'РНЫЙ,** -ая, -ое **хлор**-*го т.*; **хло́рная кислота́** хлор кислотасы (*көп убакта өзүнөн өзү дүрт этип күйүп кетүүчү, түссүз суюктук*); **хло́рная и́звесть** хлордуу акиташ.

**ХЛОРО'З** *м.* хлороз (**1.** *мед. кан аз болгондуктан кубаруу*; **2.** *бот. оору болгондуктан жалбырактын жана өсүмдүктүн жаш бутагынын жашыл түсү кетип бозорушу*).

**ХЛОРОФИ'ЛЛ** *м. бот.* хлорофилл (*өсүмдүктүн жалбырагын жана башка органдарын жашыл түскө киргизе турган зат*).

**ХЛОРОФИ'ЛЛОВЫЙ,** -ая, -ое **хлорофилл**-*ге т.*

**ХЛОРОФО'РМ** *м. хим., мед.* хлороформ (*медицинада жалпы наркоз кылуу үчүн колдонулуучу хлордуу, түссүз суюктук*); **сде́лать опера́цию под хлорофо́рмом** хлороформ менен уктатып операция кылуу.

**ХЛОРОФОРМИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого* хлороформдоо (*хлороформ менен уктатуу*).

**ХЛОРПИКРИ'Н** *м. хим.* хлорпикрин (*ууландыруучу зат катарында колдонулуучу түссүз суюктук*).

**ХЛЫ'НУТЬ** *сов.* **1.** катуу каптоо, жайпоо (*напр. о воде*); төгүп жиберүү, куюп жиберүү (*напр. о дожде*); көл болуу, он талаа болуу (*напр. о слезах*); **2.** *перен.* (*о толпе*) сүрдүгүү, чогуу бойдон каптоо (*мис. эл*).

**ХЛЫСТ** *м.* чыбык (*прут*); чыбыртkы, чыбык камчы (*плётка*).

**ХЛЫЩ** *м. разг. презр.* сыланкороз (*жеңил ойлуу, ичи көңдөй, көйрөң жигит*).

**ХЛЮ'ПАТЬ** *несов. разг.* көлчүлдөө, шарпылдоо, шалпылдоо (*о грязи*); шалпылдатуу, шалп эттирүү (*идя по грязи*); **хлю́пать по гря́зи** шалпылдатып баткак кечүү.

**ХЛЮ'ПИК** *м. разг. презр.* мажүрөө киши, эң эле жоош киши, байкуш адам.

**ХЛЯ'БАТЬ** *несов.* шалкылдоо, шарпылдоо (*мис. кең келип, эбинен ажырап*).

**ХЛЯБЬ** *ж. уст.* туңгуюк, түпсүз; **хля́би морски́е** деңиздин туңгуюк, терең жери.

**ХЛЯ'СТИК** *м.* хлястик (*белге кыналып туруш үчүн, кийимдин артына тигип койгон ичке тарткыч, мис. пальтонун белиндеги*).

**ХМ** *межд. разг.* ымм (*ар-сар болуп калууну, ойлонууну белгилейт*).

**ХМЕЛЕВО'Д** *м.* хмель өстүргүч специалист.

**ХМЕЛЕВО'ДСТВО** *ср. с.-х.* хмель өстүрүүчүлүк.

**ХМЕЛЕВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **хмелеводство**-*го т.*

**ХМЕЛЁК** *м.*: **быть под хмелько́м** *разг.* кичине кызуу абалда болуу (*ичип алып*).

**ХМЕЛЕ'ТЬ** *несов. разг.* мас боло баштоо.

**ХМЕЛЬ I** *м. бот.* хмель, кулмак (*кермек даамы бар оромо өсүмдүктүн бир түрү; бул — пиво ачытууда колдонулат*).

**ХМЕЛЬ II** *м.* (*опьянение*) мас болуу, мастык; **во хмелю́** мас болуп турган кез.

**ХМЕ'ЛЬНИК** *м. с.-х.* хмель өскөн жер.

**ХМЕЛЬНО'Й,** -а́я, -о́е *разг.* **1.** (*нетрезвый*) мас, мас болгон; **хмельны́е ре́чи** мастын сөзү; **2.** (*опьяняющий*) мас кылуучу; **хмельны́е напи́тки** мас кылуучу ичкилик; **3.** *в знач. сущ. ср.* мас кылуучу ичимдик (ичкилик).

**ХМУ'РИТЬ** *несов. что:* **хму́рить бро́ви** кабак чытуу, кабак түйүү; **хму́рить лицо́** тултуюу, түнөрүү; **хму́рить лоб** чекени тырыштыруу, чекени бырыштыруу.

**ХМУ'РИТЬСЯ** *несов.* **1.** кабагын салуу, үтүрөйүү, түнөрүү, бүркөлүү; **чего́ ты хму́ришься?** сен эмне үтүрөйөсүң?; **2.** *перен.* бүркөлүү; **пого́да хму́рится** күн бүркөлүп турат, бүркөк тартып турат; күн бүркөө.

**ХМУ'РЫЙ,** -ая, -ое **1.** үтүрөйгөн, кабагы салынган, түнөргөн, бүркөк; **хму́рый челове́к** үтүрөйгөн киши; **хму́рый вид** түнөргөн түр; **2.** *перен.* (*пасмурный*) бүркөк, түнөргөн; **хму́рое не́бо** бүркөк асман.

**ХНА** *ж.* кына (*боёк*).

**ХНЫ'КАНЬЕ** *ср. разг.* **1.** (*действие*) кыңкыстоо, кыңкылдоо, ыйлактоо; **2.** (*звуки плача*) кыңкылдаган үн.

**ХНЫ'КАТЬ** *несов. разг.* **1.** кыңкыстоо, кыңкылдоо, ыйлактоо; **2.** *перен.* (*жаловаться*) ыйлактоо, даттануу.

**ХО'БОТ** *м.* **1.** тумшук; **хо́бот слона́** пилдин тумшугу; **2.** *воен.* хобот (*замбирек же пулемёт коё турган лафеттин тулкусунун жогорку жагы*).

**ХОБОТО'К** *м.* (*у насекомых*) тумшук (*көпөлөк, чиркейге окшогон кибир жаныбарлардын денесинин алды жагындагы жыттоочу, соруучу органы*).

**ХОД** *м.* **1.** (*движение*) жүрүү, жүрүш; **ход по́езда** поезддин жүрүшү; **во вре́мя хо́да по́езда** поезд жүрүп бара жатканда; **на по́лном ходу́ по́езда** поезд аябай катуу жүрүп бара жатканда; **ход вперёд** алга жүрүш; **ти́хий ход** акырын жүрүш; **дать за́дний ход** кетенчиктетүү, артка жүрүү; **ход плане́т** планеталардын жүрүшү; **два часа́ хо́ду** эки сааттык жол; **2.** (*работа, совершаемая механизмом*) кыймыл, жүрүш, ык, багыт; учуш (*самолёта*); **ход по́ршня** поршендин жүрүшү; **холосто́й ход** *см.* **холосто́й; ход руля́** *ав.* рулдун багыты; **пла́вный ход мото́ра** мотордун бир калыпта жүрүшү; **ход часо́в** сааттын жүрүшү; **по хо́ду часово́й стре́лки** сааттын стрелкасынын жүрүшүнө карата; **3.** *перен.* (*развитие, течение*) жүрүш, жүрүү, өрчүш, өрчүү, өсүү, багыт, агым; **в хо́де борьбы́** күрөштүн жүрүшүндө; **су́дя по хо́ду веще́й** иштин жүрүшүнө караганда; **при тако́м**

www.bizdin.kg

таралган, жыш колдонулуучу; **ходя́чая и́стина** таралган чындык; **ходя́чее выраже́ние** жыш колдонулуучу сүйлөм; ◇ **ходя́чая энциклопе́дия** *разг.* көптү билген укумчул киши.

**ХОЖДЕ'НИЕ** *ср. см.* **ходьба́**; ◇ **име́ть хожде́ние** жүрүү, колдонулуу, өтүү, өтүмдүү болуу, **э́ти де́ньги име́ют хожде́ние** бул акча жүрөт (өтөт).

**хожу́, хо́дишь** *и т. д. наст. вр. от* **ходи́ть.**

**ХОЗА'РЫ** *мн. ист.* хозарлар (*Днепр жана Волга дарыяларынын аяк жагында 7—10 кылымдарда мамлекет түзгөн, теги түрк калк*).

**ХОЗО'РГАН** *м.* (хозя́йственный о́рган) чарба органы, чарбачылык орган.

**ХОЗРАСЧЁТ** *м.* (хозя́йственный расчёт) хозрасчёт (чарбачылык эсеби); **перевести́ предприя́тие на хозрасчёт** ишкананы хозрасчётко өткөрүү.

**ХОЗРАСЧЁТНЫЙ,** -ая, -ое хозрасчёттук.

**ХОЗЯ'ИН** *м.* 1. (*владелец*) ээ, кожоюн; **хозя́ин кварти́ры** квартира (үй) ээси; **хозя́ин кни́ги** китеп ээси; 2. (*о ведущем хозяйство*) чарбаны жүргүзө билген, ээ; **хоро́ший хозя́ин** чарбаны жакшы жүргүзө билген киши; **расчётливый хозя́ин** тыкан, сарамжалдуу киши (ээ); 3. (*глава дома, семьи*) ээ, үй ээси, үй-бүлө башы; **хозя́ин и го́сти** үй ээси жана коноктор; **хозя́ин до́ма** үй ээси; 4. (*частный наниматель*) ээ, кожоюн (*башка бирөөнү жеке жалдоочу*); **хозя́ин и рабо́тник** кожоюн жана кызматчысы; 5. *перен.* (*полновластный распорядитель*): **стать хозя́ином положе́ния** кырдаалдын кожоюну болуу; **я сам себе́ хозя́ин** мен өзүмө өзүм ээмин; **хозя́ин свое́й судьбы́** өз тагдырынын ээси; 6. *разг.* (*муж*) эр.

**ХОЗЯ'ЙКА** *женск. р. к* **хозя́ин** 1, 2, 3, 4; хозяйка; **дома́шняя хозя́йка** үй жумушун жүргүзүүчү аял; **хоро́шая хозя́йка** жакшы хозяйка; **сестра́-хозя́йка** сестра-хозяйка (*санаторийлерде, дем алыш үйлөрүндө ички чарба иштерин башкаруучу кызматчы аял*).

**ХОЗЯ'ЙНИЧАНЬЕ** *ср.* кожоюндук кылуу, ээ болуп алуу.

**ХОЗЯ'ЙНИЧАТЬ** *несов.* 1. (*вести хозяйство*) ээ болуу, башкаруу; 2. *перен.* (*распоряжаться*) кожоюндук кылуу; **хозя́йничать в чужо́м до́ме как в своём** бирөөнүн үйүндө өзүнүн үйүндөгүдөй кожоюндук кылуу.

**ХОЗЯ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **хозяин**-*ге т.*; ◇ **де́ло хозя́йское** *разг.* өзүң бил, өз билгениңдей иште, «эмне кылам» десең өзүң бил.

**ХОЗЯ'ЙСТВЕННИК** *м.* чарбачы (*мекеменин, ишкананын чарбасын башкаруучу адам*).

**ХОЗЯ'ЙСТВЕННО-ОРГАНИЗА'ТОРСКИЙ,** -ая, -ое: **хозя́йственно-организа́торская рабо́та** чарбачылык-уюштуруу жумушу.

**ХОЗЯ'ЙСТВЕННОСТЬ** *ж.* чарба жайын билгендик (билгичтик), оокат жөнүн билгендик (билгичтик); **прояви́ть большу́ю хозя́йственность** чарба жайынан зор билгичтикти көрсөтүү.

**ХОЗЯ'ЙСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. **хозяйство**-*го т.*; чарбачылык; **хозя́йственный о́рган** чарбачылык орган, чарба органы; **хозя́йственный год** чарба жылы; **хозя́йственные зада́чи** чарбачылык милдеттер; **хозя́йственная жизнь страны́** өлкөнүн чарбачылык турмушу; 2. (*расчётливый*) камылгалуу, сарамжалдуу; **хозя́йственный челове́к** сарамжалдуу киши; 3. (*рациональный, безубыточный*) кирешелүү түрдө уюштурулган, өзүнүн кирешеси эсебинен жашаган, үнөмдүү, зыян келтирбей турган, сарамжалдык менен; **хозя́йственный спо́соб ремо́нта** ремонтту сарамжалдык менен жасоо; 4. (*служащий для ведения хозяйства*) **хозяйство** 3-*кө т.*; чарбага керектүү, чарбалык; **хозя́йственный инвента́рь** чарбалык инвентарь; **хозя́йственный магази́н** чарба магазини (*чарбалык буюмдар сатыла турган магазин*); ◇ **хозя́йственное мы́ло** кир самын, кир жууй турган самын.

**ХОЗЯ'ЙСТВО** *ср.* 1. чарба, чарбачылык; **социалисти́ческое хозя́йство** социалисттик чарба; **натура́льное хозя́йство** натуралдык чарба; **това́рное хозя́йство** товардык чарба; 2. (*экономика, производство*) чарба, чарбачылык; **пла́новое хозя́йство** пландуу чарба; **наро́дное хозя́йство** эл чарбасы; **се́льское хозя́йство** айыл чарба; 3. (*оборудование, инвентарь*) чарба, жабдык, курал-жабдык, шаймандар, мүлк; **большо́е заводско́е хозя́йство** заводдук чоң чарба (жабдык); **бога́тое хозя́йство колхо́за** колхоздун бай чарбасы (мүлкү); **обзавести́сь хозя́йством** чарбалуу болуу; 4. (*организация, единица*) чарба; **огро́мное большинство́ крестья́нских хозя́йств вступи́ло в колхо́зы** дыйкан чарбаларынын эң зор көпчүлүгү колхозго кирди; **единоли́чные хозя́йства** жеке чарбалар; 5. (*хозяйственная деятельность*) чарбачылык, чарба; **занима́ться хозя́йством** чарбачылык кылуу, чарба ишин жүргүзүү.

**ХОЗЯ'ЙЧИК** *м. разг.* майда өндүрүштүн жеке ээси.

**ХОЗЯ'ЮШКА** *ж. разг. ласк.* хозяюшка (*хозяйканы эркелетип айтылган түрү, кайрылганда эркелетүү түрүндө айтылат*).

**ХОККЕИ'СТ** *м. спорт.* хоккеист, хоккейчи (*хоккей ойногуч киши*).

**ХОККЕ'Й** *м. спорт.* хоккей (*муз талаасында коньки тээп жүрүп топ ойноонун бир түрү*).

**ХОККЕ'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **хоккей**-*ге т.*; **хокке́йная кома́нда** хоккей командасы; **хокке́йный мяч** хоккей тобу.

**ХО'ЛЕНЫЙ,** -ая, -ое сылап-сыйпап багылган; **хо́леный конь** сылап-сыйпап багылган ат; **хо́леные ру́ки** назик кол, ак кол.

**ХОЛЕ'РА** *ж.* холера, уваба (*кустуруп, ич өткөргөн өтө жугуштуу таралма оору*).

**ХОЛЕ'РИК** *м.* холерик (*тез күйүнмө, тез сүйүнмө жана кайраттуу киши*).

**ХОЛЕРИ'НА** *ж. мед.* холерина (*ич өтүүнүн бир түрү*).

**ХОЛЕРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **холерик**-*ке т.*; холериктик; **холери́ческий темпера́мент** холериктик темперамент.

**ХОЛЕ'РНЫЙ,** -ая, -ое *мед.* **холера**-*га т.*; **холе́рный вибрио́н** холера вибриону (*холераны козутуучу, таратуучу бактерия*).

**ХОЛЕЦИСТИ'Т** *м. мед.* холецистит (*өттүн ыйлаагынын сезгениши*).

**ХО'ЛИТЬ** *несов. кого-что* сылап-сыйпап багуу, чаң кондурбай багуу, бапестөө; **хо́лить ло́шадь** атты сылап-сыйпап багуу (*тазалыкта, жылуулукта, ток кылып багуу*); **хо́лить но́гти** тырмакты бапестеп тазалыкта кармоо.

**ХО'ЛКА** *ж.* ыйык жал.

**ХОЛМ** *м.* адыр, дөбө, дөңсө, дөң; **моги́льный холм** мүрзөнүн дөбө топурагы.

**ХО'ЛМИК** *м. уменьш. от* **холм** дөбөчө.

**ХОЛМИ'СТОСТЬ** *ж.* адырдуулук, адыр-күдүрлүүлүк.

**ХОЛМИ'СТЫЙ,** -ая, -ое адырдуу, адыр-күдүрлүү, дөбөлүү, дөңсөлүү, дөңдүү, адыр-күдүр; **холми́стая ме́стность** адырдуу жер.

**ХО'ЛОД** *м.* 1. суук; **зи́мний хо́лод** кышкы суук; **дрожа́ть от хо́лода** сууктан титирөө; **пахну́ло хо́лодом** суук боло баштады; **соба́чий хо́лод** *разг.* абдан суук, өтө суук; **стоя́ли холода́** суук болуп турду; 2. *перен.* (*равнодушие*) сууктук, салкын кароо, салкын мамиле кылуу; **от его́ слов ве́ет хо́лодом** анын сөзүнөн сууктук келип турат.

**ХОЛОДА'ТЬ** *несов. разг.* суук боло баштоо, суук катуулоо; **начина́ет холода́ть** суук боло баштады.

**ХОЛОДЕ'ТЬ** *несов.* 1. муздоо, тоңуу, үшүү; **у меня́ ру́ки холоде́ют** колум муздады, колум үшүдү; **холоде́ет** *безл.* муздай баштады, үшүй баштады, тоңо баштоо; 2. *перен.* селдейип катып калуу; **холоде́ть от у́жаса** коркунучтан селдейип катып калуу.

**ХОЛОДЕ'Ц** *м. кул. см.* **сту́день.**

**ХОЛОДИ'ЛЬНИК** *м.* 1. (*сооружение, помещение*) холодильник, муздаткыч (*тез бузулуп кетүүчү азыктар сакталууга арналган жай*); **ваго́н-холоди́льник** вагон-хо-

www.bizdin.kg

лодильник; **2.** холодильник (*тез бузулуп кетүүчү азыктарды муздата турган прибор*); **электрический холодильник** электр холодильниги.

**ХОЛОДИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое муздатуучу; **холоди́льная устано́вка** муздатуучу установка; **холоди́льный шкаф** муздатуучу шкаф (*тез бузулуп кетүүчү азыктарды сактоого арналган шкаф*).

**ХОЛОДИ'ТЬ** *несов.* салкындатуу, суутуу; **ве́тер холоди́л лицо́** суук бетти салкындатты.

**ХО'ЛОДНО 1.** *нареч.* (*бесстрастно, равнодушно*) көңүлсүз, жактырбай, кыртыш сүйбөй, салкын; **хо́лодно встре́тить** *кого-л.* *бирөөнү* көңүлсүз, салкын каршы алуу; **хо́лодно отнести́сь** *к кому-л.* *бирөөгө* салкын мамиле кылуу; **он отве́тил хо́лодно** кыртышы сүйбөй жооп берди; **2.** *безл. в знач. сказ., кому-чему* суук; **мне хо́лодно** мен үшүп турам; **сего́дня хо́лодно** бүгүн суук.

**ХОЛОДНОВА'ТЫЙ,** -ая, -ое *разг.* суугураак.

**ХОЛО'ДНОЕ** *ср. см.* **холо́дный** 5.

**ХОЛОДНОКРО'ВНЫЕ** *мн.* (*ед.* **холоднокро́вное** *ср.*) *зоол.* суук кандуу, салкын кандуу (*денесинин температурасын айланадагы температурага жараша өзгөртө турган балык, амфибия жана башкалар сыяктуу жаныбарлар*).

**ХО'ЛОДНОСТЬ** *ж.* (*равнодушие*) сууктук, түнттүк, көңүл коштук.

**ХОЛО'ДНЫЙ,** -ая, -ое **1.** суук, салкын, муздак; **холо́дная пого́да** суук аба ырайы, суук күн; **холо́дная зима́** суук кыш; **холо́дное ле́то** салкын жай, муздак жай; **холо́дный по́яс** *геогр.* суук пояс, **поста́вить в холо́дное ме́сто** суук жерге коюу; **холо́дный чай** муздак чай; **холо́дная кварти́ра** муздак квартира; **холо́дная да́ча** меши жок дача; **холо́дные блю́да** муздак тамак (*муздак желе турган тамак*); **обли́ть холо́дной водо́й** 1) муздак сууну жаба куюу; 2) *перен.* бир нерсе менен жаман сезимде калтыруу, таң калтыруу; **2.** (*об одежде*) камсоосу жок, жылуулугу аз; **холо́дное пальто́** жеңил, жылуулугу аз пальто; **3.** *перен.* (*равнодушный, бесстрастный*) көңүлсүз, түнт, суук, көңүлкош, кыртышы сүйбөгөн; **холо́дный взгляд** суук көз караш, көңүлсүз көз караш; **холо́дные отноше́ния** суук мамиле; **холо́дный приём** салкын кабыл алуу; **4.** *тех.* кызытпай турган, кызытылбаган; **холо́дная клёпка** кызытпай туруп бөрктөп кадоо; **холо́дный прока́т** кызытылбаган прокат; **холо́дный спо́соб обрабо́тки мета́ллов** кызытпай туруп металлды иштеп чыгуу жолу; **5.** *в знач. сущ. ср. кул.* суук, муздак (*тамак*); ◇ **холо́дное ору́жие** атылбас жабдык (*мис. канжар, кылыч, штык, найза ж. б.*); **холо́дный сапо́жник** *разг.* көчөдө иштөөчү өтүкчү, жамакчы; **холо́дная зави́вка** чачты муздак тармалдоо; **«холо́дная война́»** *см.* **война́.**

**ХОЛОДО'К** *м. разг.* **1.** салкын; **у́тренний холодо́к** эртең мененки салкын; **сиде́ть в холодке́** салкында отуруу, көлөкөдө отуруу; **2.** *перен.* (*отчуждённость, равнодушие*) көңүлсүздүк, кыртышы сүйүңкүрөбөгөндүк; **в их отноше́ниях наступи́л холодо́к** алардын мамилесинде кыртышы сүйүңкүрөбөгөндүк пайда болду.

**ХОЛОДОСТО'ЙКИЙ,** -ая, -ое суукка турумдуу, суукка чыдамдуу.

**ХОЛО'П** *м.* **1.** *ист.* кул (*Байыркы Руста*); крепостной дыйкан (*крепостнойлук Россияда*); **2.** *перен. презр.* (*низкопоклонник*) бирөөнүн алдында жасакерденүүчү, көшөкөрлөнүүчү кошаматчы киши.

**ХОЛО'ПКА 1.** *ж. ист.* күң (*Байыркы Руста*); дыйкан аял (*крепостнойлук Россияда*); **2.** *женск. р.* к **холоп** 2.

**ХОЛО'ПСКИЙ,** -ая, -ое **1. холоп**-*ко т.*; **2.** *перен. презр.* (*раболепный*) көшөкөрлөнгөн, бөйпөңдөгөн, кошаматтанган.

**ХОЛО'ПСТВО** *ср.* **1.** *ист.* (*рабство*) кулчулук; **2.** *собир. ист.* (*холопы*) кулдар, күңдөр; **3.** *перен. презр.* (*низкопоклонство*) көшөкөрчүлүк, кошаматчылык.

**ХОЛО'ПСТВОВАТЬ** *несов.* (*раболепствовать*) көшөкөрлөнүү, кошаматтануу, бөйпөңдөө, жасакерденүү.

**ХОЛОСТИ'ТЬ** *несов. кого-что* биттөө, бычуу (*айбанды*); **холости́ть жеребца́** айгырды бычуу.

**ХОЛОСТО'Й,** -а́я, -о́е **1.** (*неженатый*) бойдок, бойдок тук; **холосто́й челове́к** бойдок киши; **холоста́я жизнь** бойдоктук турмуш; **2.** *тех.* куру бекер, пайдасыз; **холосто́й ход маши́ны** машинанын куру бекер жүрүшү; **3.** *воен.* огу жок; **холосто́й патро́н** огу жок патрон; **холосто́й вы́стрел** огу жок атуу, оксуз атуу; **холосто́й заря́д** куру дүрмөт (*дарысы бар, огу жок дүрмөт*).

**ХОЛОСТЯ'К** *м.* бойдок (*бойдок киши*); **ста́рый холостя́к** карган бойдок.

**ХОЛОСТЯ'ЦКИЙ,** -ая, -ое бойдоктук; **холостя́цкая жизнь** бойдоктук турмуш; **холостя́цкие привы́чки** бойдоктук адаттар.

**ХОЛОЩЕ'НИЕ** *ср.* биттөө, бычуу (*айбанды*).

**ХОЛОЩЁНЫЙ,** -ая, -ое биттелген, бычылган; **холощёный конь** бычылган ат.

**ХОЛСТ** *м.* **1.** (*ткань*) боз кендир (*кездеме*); **небелёный холст** агартылбаган боз кендир; **2.** *жив.* май боёк менен тартылган картина.

**ХОЛСТИ'НА** *ж.* боз кендир, кенеп; **мешо́к из холсти́ны** боз кендирден жасалган мешок.

**ХОЛСТИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **холстина**-*га т.*

**ХОЛУ'Й** *м.* **1.** *уст.* (*слуга, лакей*) малай (*буржуазиялык-дворяндык турмушта*); **2.** *перен. презр.* кошаматчы, жасакер, көшөкөр.

**ХОЛУ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **холуй**-*га т.*

**ХОЛУ'ЙСТВО** *ср. презр.* кошаматчылык, жасакерчилик, көшөкөрчүлүк.

**ХОЛУ'ЙСТВОВАТЬ** *несов. презр.* кошамат кылуу, жасакерденүү, көшөкөрлөнүү.

**ХОЛЩО'ВЫЙ,** -ая, -ое **холст** 1-*ге т.*; **холщо́вая руба́ха** боз кендирден жасалган көйнөк.

**ХО'ЛЯ** *ж. уст.*: **жить в хо́ле** ыракатта жашоо; **держа́ть в хо́ле** сылап-сыйпап багуу, алпештеп багуу, чаң кондурбай багуу.

**ХОМУ'Т** *м.* **1.** каамыт; **2.** *перен.* (*обуза*) убаракерчилик, түйшүк; **наде́ть на себя́ хому́т** өзүнө түйшүктү жүктөп алуу; **3.** *тех.* каамыт (*бирдемени бекитүү үчүн колдонула турган, шакек сыяктуу нерсе*).

**ХОМУТИ'НА** *ж.* каамыт чучугу.

**ХОМЯ'К** *м. зоол.* хомяк (*эгинге, данга зыян келтирүүчү чычкан сымал айбан*).

**ХОР** *м.* **1.** хор (*обончу, ырдоочулар тобу*); **мужско́й хор** эркектер хору; **хо́ром** 1) хор болуп (*чогуу ырдоо*); **петь хо́ром** хор менен ырдоо; 2) *перен.* (*одновременно*) чогуу, бир добуштан, жапырт (*кыйкыруу, макулдоо ж. б.*); **2.** *перен.* көп кишилердин үндөрү, сүйлөгөн сөздөрү; **хор насме́шек** *разг.* көп кишилердин шылдыңдап сүйлөп жаткан үндөрү.

**ХОРА'Л** *м. муз.* хорал (*католиктердеги, протестанттардагы диний ырдын бир формасы; ошондой эле формадагы музыкалык пьеса*).

**ХОРВА'Т** *м.* хорват.

**ХОРВА'ТКА** *женск. р.* к **хорва́т;** хорватка.

**ХОРВА'ТСКИЙ,** -ая, -ое **хорват**-*ка т.*; **хорва́тский язы́к** хорват тили.

**ХОРВА'ТЫ** *мн.* хорваттар.

**ХО'РДА** *ж.* хорда (**1.** *мат. бир ийри сызыктын* (*мис. дуганын*) *эки нокотунун арасын кошуучу түз сызык*; **2.** *биол. кээ бир айбандардын* (*мис. балыктын*) *арка сөөгү, кыр аркасы*).

**ХОРЕ'Й** I *м. лит.* хорей (*басымы биринчи муунда болгон эки мууңду ыр стопасы, мис. Пушкиндин ырында* бу́ря мгло́ю не́бо кро́ет).

**ХОРЕ'Й** II *м. обл.* хорей (*чанага чегилген бугуларды айдоо үчүн колдонулуучу узун шыргый*).

www.bizdin.kg

**ХОРЁК** *м. зоол.* күзөн (*сасык күзөн*).

**ХОРЕОГРАФИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **хореография**-*га т.*; хореографиялык; **хореографи́ческое иску́сство** хореографиялык искусство.

**ХОРЕОГРА'ФИЯ** *ж. иск.* хореография (**1.** *балет искусствосу жөнүндөгү илим*; **2.** *өзүнчө тамгалардын жардамы менен бийлөө кыймылдарын жазуу*; *балет танцасынын композициясы жана анын коюлушу*).

**ХОРИ'СТ** *м.* хорист, хорчу (*хорго катышуучу обончу эркек*).

**ХОРИ'СТКА** *женск. р. к* **хори́ст**; хористка.

**ХОРМЕ'ЙСТЕР** *м. театр.* хормейстер (*хор башкаруучу адам*).

**ХОРОВО'Д** *м.* хоровод (*бир нече киши кол кармашып тегерек болуп алып бийлеп, ырдап жүрүүчү эл оюну*).

**ХОРОВО'ДИТЬСЯ** *несов. с кем-чем, разг.* алпурушуу, убаралануу (*бирөө менен*).

**ХОРОВО'ДНЫЙ**, -ая, -ое **хоровод**-*го т.*; **хорово́дные пе́сни** хоровод ырлары; **хорово́дные пля́ски** хоровод бийлери.

**ХОРОВО'Й**, -а́я, -о́е **хор**-*го т.*; **хорово́е пе́ние** хор менен (хор болуп) ырдоо; **хорово́й кружо́к** хор кружок.

**ХО'РОМ** *см.* **хор**.

**ХОРО'МЫ** *только мн. уст.* көп бөлмөлүү чоң заңгыраган үй.

**ХОРОНИ'ТЬ** *несов. кого-что* **1.** көмүү, көргө коюу; **2.** *перен.* (*предавать забвению*) биротоло унуткарып таштоо, эске алынбай калсын деп эсептөө (унутуу); ◇ **хорони́ть концы́** *разг.* изин суутуу, изин жоготуу (*бир кылмыштуу иштн жашыруу*; *кылмыштуу бир ишке катышуунун изин суутуу*).

**ХОРОНИ'ТЬСЯ** *несов.* **1.** *разг.* (*прятаться, скрываться*) жашырынуу; **2.** *страд. к* **хорони́ть**.

**ХОРОХО'РИТЬСЯ** *несов. разг.* куру кайрат көрсөтүү, мурдун асманга көтөрүү, кокураюу, жел өпкөлүк кылуу.

**ХОРО'ШЕНЬКИЙ**, -ая, -ое (*миловидный*) жакшынакай, татынакай, сүйкүмдүү; ◇ **хоро́шенькая исто́рия!** *ирон.* жакшы болгон тура!, ырас окуя болгон тура! (*табалап, шылдыңдап*); **хоро́шенького понемно́жку** *ирон.* жакшыны татыгы менен (аз-аздан).

**ХОРОШЕ'НЬКО** *нареч. разг.* (*как следует*) жакшылап, абдан; **я ещё и сам не зна́ю хороше́нько** мен өзүм да али жакшылап биле элекмин.

**ХОРОШЕ'ТЬ** *несов.* сулуу болуу, сулуу боло баштоо, жакшынакай болуу, жакшынакай боло баштоо.

**ХОРО'ШИЙ**, -ая, -ее **1.** жакшы, дурус; **хоро́ший челове́к** жакшы киши; **хоро́ший рабо́тник** жакшы кызматчы; **2.** *только кратк. ф.* (*красивый*) сулуу, көрктүү; **э́тот па́рень хоро́ш собо́й** бул көрктүү жигит; **как э́та де́вушка хороша́!** бул кыз кандай сулуу!; ◇ **жела́ю вам всего́ хоро́шего** сиздин жакшы болушуңузга тилектешмин; **хоро́ший знако́мый** жакшы тааныш (*жакын, ынак тааныш*); **хоро́шая по́рция вина́** винонун бир кыйла порциясы; **мы с ним хоро́ши** биз аны менен ынакпыз (татуубуз); **жить по-хоро́шему** ынтымактуу болуу, татуу жашоо, татуу туруу; **ты то́же хоро́ш!** *разг.* сени да билебиз!; сенде да бар!

**ХОРОШО'** I **1.** *нареч.* жакшы; **он хорошо́ рабо́тает** ал жакшы иштеп жатат; **ребёнок хорошо́ вёл себя́** бала өзүн жакшы алып жүрдү; **она́ хорошо́ одева́ется** ал жакшы кийинет, ал жакшы кийинип жүрөт; **2.** *безл. в знач. сказ. кому-чему* (*о хорошем состоянии кого-чего-л.*) жакшы, сонун; **мне хорошо́ здесь** мында мага жакшы; ◇ **хорошо́ тебе́ сове́товать** кеңеш берүү сага жеңил; **хорошо́ на у́лице** көчөдө сонун; **хорошо́, что он пришёл сего́дня** анын бүгүн келгени жакшы.

**ХОРОШО'** II **1.** *частица утверд.* (*да, согласен, ладно*) макул, болуптур, ооба; **ты придёшь? — Хорошо́, приду́** сен келесиңби? — Ооба, келем; **я приду́ че́рез час, хорошо́?** мен бир сааттан кийин келем, макулбу?; **2.** *частица* (*угроза*) болуптур, карап тур, көрөрсүң; **хорошо́, я э́того не забу́ду** карап тур, мен муну унутпайм, эсимен чыгарбайм; **хорошо́! всё э́то тебе́ припо́мнится!** карап тур, сен бирди көрөсүң!; макул, мунун баары сенин эсиңе келер!

**ХОРУ'ГВЬ** *ж.* хоругвь (**1.** *уст. войско туусу, аскер туусу*; **2.** *церк. диний ж. б. сүрөттөр түшүрүлгөн чиркөө туусу*).

**ХОРУ'НЖИЙ** *м. воен. уст.* хорунжий (*революцияга чейинки казак орус аскерлеринде — подпоручик менен барабар болгон офицердик чин*).

**ХО'РЫ** *только мн.* хоры (*чоң залдын үстү жагындагы балкон, ачык галерея*).

**ХОРЬ** *м. см.* **хорёк**.

**ХОРЬКО'ВЫЙ**, -ая, -ое **хорёк**-*ко т.*; **хорько́вая шу́ба** күзөн терисинен жасалган ичик, күзөн ичик.

**ХОТЕ'НИЕ** *ср.* ⁼гысы келүү, каалоо, тилөө, эңсөө; ◇ **на вся́кое хоте́нье есть терпе́нье** *посл.* тилегиңдин баары эле орундала бербейт.

**ХОТЕ'ТЬ** *несов. чего, с неопр. и без доп.* ⁼гысы келүү, каалоо, тилөө, эңсөө, керек кылуу; **хоте́ть пить** ичкиси келүү; **он хо́чет спать** анын уктагысы келет; **я о́чень хочу́ его́ ви́деть** мен аны көрүүнү абдан каалаймн; **во всём ми́ре нет наро́да, кото́рый хоте́л бы войны́** бүтүн дүйнөдө согушту каалай турган эл жок; **что вы э́тим хоти́те сказа́ть?** муну менен сиз эмнени айткыңыз келет?; **чего́ вы хоти́те?** сиз эмнени тилейсиз (каалайсыз)?, сизге эмне керек?; ◇ **как хоти́те** 1) каалаганыңыздай, билгениңиздей, мейлиңиз, ыктыярыңыз; 2) (*всё-таки*) кандай кылсаңыз да, кандай болгондо да, бирок да; **как хоти́те, но э́то неве́рно** өзүңүз билиңиз, кандай болгондо да бул туура эмес; **как хо́чешь, а я пойду́** кандай кылсаң да: мен барам; **хо́чешь не хо́чешь** тилесең-тилебесең да; кааласаң-каалабасаң да; амал жоктуктан, аргасыздан; **е́сли хоти́те** *или* **е́сли хо́чешь** *вводн. сл.* мен сизге (сага) айтсам *же* мен сага айтсам; **э́то, е́сли хоти́те, вре́дно** мен сизге айтсам, бул — зыяндуу.

**ХОТЕ'ТЬСЯ** *несов. безл. кому с неопр.* ⁼гысы келүү, тилөө, каалоо, көөнү түшүү; **мне хоте́лось бы** менин каалагым келер эле, мен каалар элем; **мне хо́чется спать** менин уктагым келет; **мне не хо́чется ча́ю** менин чай ичким келбейт.

**ХОТЬ 1.** *союз уступ.* (*несмотря на то, что; даже если*) ⁼са да, менен да; **он хоть и стар, но бодр** ал кары болсо да, тың; **хоть ты и смо́тришь, но не ви́дишь** караганың менен да, көрбөйсүң; **2.** *союз уступ.* (*допустим, или, пусть*) мейли; **приходи́ хоть сего́дня, хоть за́втра** мейлиң бүгүн кел, мейлиң эртең кел; **3.** *частица усил.* (*даже*) ⁼са да; **пойду́ хоть сейча́с** азыр болсо да барам; **тебя́ хоть кто зна́ет** сени ким болбосун тааныйт; **хоть тепе́рь** азыр болсо да; **жди хоть неде́лю** мейлиң, бир жума күт; **4.** *частица усил.* (*по крайней мере*) эч болбогондо; **скажи́те хоть одно́ сло́во** эч болбогондо бир сөз айтсаңыз; **дай хоть де́сять рубле́й** эч болбогондо он сом бер; **5.** *частица разг.* (*к примеру, например*) мисалы; **взять хоть э́тот слу́чай за образе́ц** мисалы, бул учурду үлгү катары алганда; **взять хоть э́тот факт** мисалы мына ушул фактыны алсак; **6.** *с относ. мест.* (*любой*) мейли, ⁼са да, кимиси болсо да, ким болсо да; **хоть кто** ким (иси) болсо да; мейли, ким болсо да; **хоть что** эмне(си) болсо да; **хоть како́й** кандай(ы) болсо да; **хоть куда́** 1) кайда болсо, каяка болсо да; 2) *перен.* сонун, эң жакшы, укмуш; **хоть где** кайда болсо да; мейли кайда болсо да; **хоть како́й-нибудь** кандай болсо да мейли; **хоть что́-нибудь** эмне болсо да мейли; **хоть куда́-нибудь** кайда болсо да мейли; ◇ **хоть бы и так** ушундай эле боло койсун; эмнеси бар, макул эле; **хоть бы** 1) эч болбогондо; **хоть бы сло́во сказа́л** эч болбогондо, бир ооз сөз айтсачы; 2) ⁼сачы; **и хоть бы кака́я-нибудь причи́на**

www.bizdin.kg

**была́** эч болбогондо, кенедей бир себеп болсочу; 3) мисалы мына; **вот хоть бы ты** мына мисалы сен; **хоть и** =са да, =ган менен; **хоть день и со́лнечный, но холо́дный** күн ачык болгону менен, суук; **темно́, хоть глаз вы́коли** көзгө сайса көрүнгүс караңгы; **хоть брось** оозго алгыс жаман, өтө жаман; **хоть пруд пруди́** эң көп; **хоть волко́в моро́зь** байлаган ит да чыдабай турган суук (*үйдүн суугу жөнүндө*); **хоть карау́л кричи́** *разг.* айлаңды кетирет, жаныңды койбойт; **хоть верёвки вей из него́** *разг.* ал абдан элпек, эмне айтсаң, ошону иштейт; **хоть шаро́м покати́** *разг.* эч нерсе жок, бопбош, куру; **хоть убе́й** *разг.* өлүп кетейин, өлтүрсөң да; **хоть убе́й, ничего́ не понима́ю** өлтүрсөң да эч нерсе түшүнбөйм; **хоть убе́й, не по́мню** өлүп кетейин, эсимде жок; **хоть вы́жми** *разг.* ийне жибине чейин суу болгон (*мис. жаан өтүп*).

**ХОТЯ′** *союз* =са да, менен да; *см.* **хоть** 1; **он хотя́ и согласи́лся, но оста́лся недово́лен** ал макул болсо да, наразы бойдон калды; **он учи́лся хорошо́, хотя́ ча́сто боле́л** тез-тез ооруса да, ал жакшы окуду; ◇ **хотя́ бы** *или* **хотя́ бы да́же** 1) (*даже, если*) карабастан; **хотя́ бы ты захоте́л, я не могу́ тебе́ э́того поручи́ть** сенин каалаганыңа карабастан, мен муну сага тапшыра албаймын; **я бу́ду рабо́тать, хотя́ бы мне до́ктор и запрети́л** мен, доктордун тыйганына карабастан, иштей берем; 2) (*если бы*): **хотя́ бы ты скоре́й прие́хал** кур дегенде сен бат келсең экен; 3) (*даже, например*): **э́то ви́дно хотя́ бы из таки́х фа́ктов** бул, мисалы, мындай фактылардан көрүнөт, бул мындай фактылардан да көрүнүп турат.

**ХОХЛА′ТКА** *ж.* (*о птице*) үрпөк баш (*башында үрпөгү бар куш*).

**ХОХЛА′ТЫЙ,** -ая, -ое үрпөгөй, үрпөк баш; **хохла́тая ку́рица** үрпөк баш ток.

**ХО′ХЛИТЬСЯ** *несов.* 1. (*о птицах*) жүнүн үрпөйтүү (*куш жөнүндө*); 2. *перен. разг.* кабагы түшүү, маанайы бас болуу, көңүлсүз түрдө болуу.

**ХОХО′Л** *м.* үрпөк, чок (*у птиц*); төбөгө коюлган үрпөйгөн чач, чокчо чач, айдар, көкүл (*у людей*); **ку́рица с хохло́м** үрпөк баш ток.

**ХОХОЛО′К** *м. уменьш. от* **хохо́л** үрпөкчө, чокчо.

**ХО′ХОТ** *м.* каткырык; **его́ слова́ вы́звали о́бщий хо́хот** анын сөзү жалпы каткырыкты туудурду; **гомери́ческий хо́хот** кыран-катки күлкү, аябай каткыруу; **взрыв хо́хота** каткырыктын дуу дей түшүшү.

**ХОХОТА′ТЬ** *несов.* каткыруу, каткырып күлүү; **хохота́ть до упа́ду** боору катканча каткыруу, боору эзилгенче каткыруу; **хохота́ть до слёз** көзүнөн жаш чыкканча каткыруу.

**ХОХОТУ′Н** *м. разг.* каткырыкчыл, күлкүчү.

**ХОХОТУ′НЬЯ** *женск. р. к* **хохоту́н.**

**ХОХОТУ′ШКА** *ж. см.* **хохоту́нья.**

**хо́чется** *наст. вр. от* **хоте́ться.**

**хочу́, хо́чешь** *и т. д. наст. вр. от* **хоте́ть.**

**ХРАБРЕ′ТЬ** *несов. разг.* баатырдануу, эр болуу, кайраттуу болуу.

**ХРАБРЕ′Ц** *м.* кайраттуу, жүрөктүү, эр.

**ХРАБРИ′ТЬСЯ** *несов.* куру кайрат кылуу, эрсинүү, баатырсынуу.

**ХРА′БРО** *нареч.* баатырча, баатырдык менен, эрдик менен, кайраттуу, кайраттуулук менен; **хра́бро сража́ться** эрдик менен согушуу.

**ХРА′БРОСТЬ** *ж.* кайрат, кайраттуулук, эрдик, жүрөктүүлүк; **беззаве́тная хра́брость** жан-дили менен көрсөткөн баатырдык; **набра́ться хра́брости** эрдик көрсөтүү, кайраттуулукту көрсөтүү.

**ХРА′БРЫЙ,** -ая, -ое кайраттуу, эр, эр жүрөк, жүрөктүү; **хра́брый во́ин** кайраттуу аскер.

**ХРАМ** *м.* 1. (*церковь*) храм (*кудайга табынып, чокунуучу, намаз окулуучу үй, мис. чиркөө, бутхана*); 2. *перен.* храм (*касиеттүү, салтанаттуу жай*); **храм нау́ки** илимдин храмы; **университе́т — храм нау́ки** университет — илимдин храмы.

**ХРАМОВО′Й,** -а́я, -о́е **храм** 1-*ге т.*

**ХРАНЕ′НИЕ** *ср.* сактоо; **сда́ча на хране́ние** сактоого берүү; **пла́та за хране́ние** сактаганы үчүн акы төлөө; **отда́ть бага́ж на хране́ние** багажды сактоого берүү; **ка́мера хране́ния бага́жа** багажды сактоочу (багаж сакталуучу) камера.

**ХРАНИ′ЛИЩЕ** *ср.* сактагыч (*бир нерсе сакталуучу жай*); **храни́лище книг** китеп сактагыч.

**ХРАНИ′ТЕЛЬ** *м.* сактагыч, сактоочу; **храни́тель преда́ний** ата-бабалардан калган жомок ж. б. эсте сактоочу, **храни́тель музе́я** *офиц.* музейди сактоочу.

**ХРАНИ′ТЬ** *несов.* 1. *что* (*сохранять, беречь*) сактоо; **храни́ть де́ньги в сберега́тельной ка́ссе** акчаны сактык кассасында сактоо; **храни́ть проду́кты в по́гребе** азыкты погребде сактоо; 2. *что* (*соблюдать, выполнять*) аткаруу, орундоо, сактоо; **храни́ть обы́чаи** үрп-адатты сактоо; **храни́ть та́йну** сырды сактоо; **храни́ть в та́йне** *что-л. бир нерсени* жашырып коюу, *бир нерсени* жашырын сактоо; **храни́ть в чистоте́ вели́кое зва́ние чле́на па́ртии** партиянын мүчөсүнүн улуу атагын тазалыкта сактоо; 3. *кого-что* (*оберегать*) сактоо, коргоо; **храни́ть как зени́цу о́ка** көздүн карегиндей сактоо; ◇ **храни́ть в па́мяти** эсте сактоо, эч убакта унутпоо; **храни́ть молча́ние** унчукпоо, унчукпай жым туруу, үн чыгарбоо.

**ХРАНИ′ТЬСЯ** *несов.* 1. (*находиться*) болуу, сакталуу; 2. *страд. к* **храни́ть.**

**ХРАП** I *м.* 1. коңурук (*человека*); кошкурук (*напр. лошади*); 2. (*часть переносья у животных*) айбандын тумшугу (*көбүнчө аттын*).

**ХРАП** II *м. тех.* храп (*механизмдин кыймылдагыч бөлүктөрүн токтотуу үчүн колдонулуучу планка сыяктуу таканчык*).

**ХРАПЕ′НИЕ** *ср.* коңурук тартуу (*человека*), кошкуруу (*лошади*).

**ХРАПЕ′ТЬ** *несов.* корулдоо, коңурук тартуу, корулдап уктоо (*о человеке*); кошкуруу (*о лошади*); кыркыроо (*о животных*).

**ХРАПОВИ′К** *м. тех.* храповик (*валды кайта, керисинче айландырууга тоскоол боло турган механизм*).

**ХРАПОВО′Й,** -а́я, -о́е *тех.* **храп** II-*ге т.*; **храпово́е колесо́** храптуу дөңгөлөк.

**ХРЕБЕ′Т** *м.* 1. *анат.* кыр арка, кыр арка омурткалар (*омурткалар түркүгү*); 2. *перен. разг.* (*спина*) үст, арка; **он всё вы́нес на своём хребте́** ал бардык кыйынчылыкка өзү чыдады; 3. (*горная цепь*) кыр, кырка; **го́рный хребе́т** тоо кыркалары, тоо кыркасы

**ХРЕН** *м. бот.* хрен (*тамыры тамакка салынуучу чөп өсүмдүк*); ◇ **ста́рый хрен** *бран.* как баш (*абышка*); **хрен ре́дьки не сла́ще** *погов.* бирөө-бирөөнөн артык эмес.

**ХРЕСТОМА′ТИЯ** *ж.* хрестоматия (*окуу куралы — тандалган чыгармалардан же алардын үзүндүлөрүнөн түзүлгөн жыйнак*).

**ХРИЗАНТЕ′МА** *ж. бот.* хризантема (*сеңселген гүлдүү кооз чөп өсүмдүк*).

**ХРИЗОБЕРИ′ЛЛ** *м. мин.* хризоберилл (*көгүлтүр саргыч түстүү кымбат баалуу асыл таш*).

**ХРИЗОЛИ′Т** *м. мин.* хризолит (*көгүлтүр жылтырак асыл таштын бир түрү*).

**ХРИЗОПРА′З** *м. мин.* хризопраз (*асыл таштын бир түрү*).

**ХРИЗОТИ′Л** *м. мин.* хризотил (*булалуу минерал, асбесттин бир түрү*).

**ХРИП** *м.* кырылдоо, кыркыроо, киркирөө; **предсме́ртный хрип** өлүү алдында кырылдоо; **хри́пы в лёгких** *мед.* өпкөнүн кыркырагы (*өпкөгө суук тийгендеги кырылдаган тыбыш*).

**ХРИПЕ′НИЕ** *ср.* кырылдоо, кыркыроо, киркирөө.

www.bizdin.kg

**ХРИПЕ'ТЬ** *несов.* кыркыроо, кырылдоо, киркирөө; **больно́й хрипи́т** оору кырылдап атат; **в го́рле хрипи́т** тамак кырылдайт.

**ХРИ'ПЛО** *нареч.* кыркырап, киркиреп; **хри́пло говори́ть** кыркырап сүйлөө, киркиреп сүйлөө.

**ХРИ'ПЛОСТЬ** *ж.* кыркырактык, кырылдактык, киркиректик; **хри́плость го́лоса** үндүн кыркырактыгы, үндүн киркиректиги.

**ХРИ'ПЛЫЙ,** -ая, -ое кыркырак, кырылдак, киркирек; **говори́ть хри́плым го́лосом** кырылдап сүйлөө, кирилдеп сүйлөө, **хри́плый го́лос** киркирек үн.

**ХРИ'ПНУТЬ** *несов.* үн бүтүү, кыркырап калуу, кырылдап калуу, киркиреп калуу; **го́лос хри́пнет** үн кыркырайт, үн бүтөт, үн киркирейт.

**ХРИПОТА'** *ж.* кыркырактык, киркиректик, кырылдактык; **крича́ть до хрипоты́** кырылдап калганча кыйкыруу, үнү кырылдагыча кыйкыруу.

**ХРИСТИАНИ'Н** *м.* христианин (*христиан дининдеги киши*).

**ХРИСТИА'НКА** *женск. р. к* **христиани́н;** христианка.

**ХРИСТИА'НСКИЙ,** -ая, -ое **христианство**-*го*, **христиани́н**-*ге т.*; христиандык; **христиа́нская рели́гия** христиандык дин.

**ХРИСТИА'НСТВО** *ср.* христианство (*мифтик ыйса пайгамбарды кудай деп ишенгендикке негизделген дин*).

**ХРОМ** I *м.* хром (1. *хим. химиялык элементтердин бири, катуу металл, техникада колдонулат*; 2. *сары боёктун бир түрү*)

**ХРОМ** II *м.* (*кожа*) хром, куром (*куром булгаары*).

**ХРОМАТИ'ЗМ** *м.* хроматизм (1. *муз. жарты тон боюнча үндүн жогорулашы же төмөндөшү*; 2. *физ. күндүн ак шооласынын түрдүү түстөргө бөлүнүү, таралуу касиети*).

**ХРОМАТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **хроматизм** 1-*ге т.*; хроматизмдик; **хромати́ческая га́мма** хроматизмдик гамма, 2. **хроматизм** 2-*ге т.*; хроматикалык; **хромати́ческая аберра́ция** хроматикалык аберрация.

**ХРОМА'ТЬ** *несов.* 1. аксоо, аксаңдоо, төкөрөңдөө, сылтуу; **хрома́ть на ле́вую но́гу** сол бутунан аксоо; 2. *перен. разг.* (*иметь недостатки*) начар билүү, кемчилиги болуу; **у него́ орфогра́фия хрома́ет** анын орфографиясы начар; ◇ **хрома́ть на о́бе ноги́** *разг.* төрт аягынан тең аксоо (*өтө начар болуу, мис. иш*).

**ХРОМИ'РОВАНИЕ** *ср. тех.* хромдоо.

**ХРОМИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех.* хромдоо (*металлдан жасалган буюмдардын сыртын хромдоо, сыртына хром жабуу*).

**ХРО'МИСТЫЙ,** -ая, -ое *тех.* хромдуу; **хро́мистая сталь** хромдуу болот.

**ХРОМОВОКИ'СЛЫЙ,** -ая, -ое: **хромовоки́слый свине́ц** *хим.* хром кычкыл коргошун.

**ХРО'МОВЫЙ** I, -ая, -ое **хром** I-*ге т.*; хромдуу; **хро́мовая кислота́** хром кислотасы, хром кошулган кислота.

**ХРО'МОВЫЙ** II, -ая, -ое **хром** II-*ге т.*; **хро́мовая ко́жа** хром булгаары; **хро́мовые сапоги́** хром өтүк.

**ХРОМО'Й,** -а́я, -о́е 1. аксак, төкөр; **хрома́я нога́** аксак бут; **он хром на ле́вую но́гу** ал сол бутунан аксайт; 2. *в знач. сущ. м., ж.* аксак; 3. *разг.* (*о мебели*) бир буту сынган, бир буту кыска; **хромо́й стул** бир буту сынган стул, бир буту кыска стул.

**ХРОМОЛИТОГРА'ФИЯ** *ж.* хромолитография (1. *литография жолу менен бир нече боёктуу кылып басып чыгаруу*; 2. *ушундай жол менен басылган нерсе*).

**ХРОМОНО'ГИЙ,** -ая, -ое *см.* **хромо́й.**

**ХРОМОНО'ЖКА** *ж. разг.* аксак, төкөр (*аял, кыз*).

**ХРОМОСО'МЫ** *мн.* (*ед.* **хромосо́ма** *ж.*) *биол.* хромосомдор (*клеткалык ядронун негизги боёктор менен интенсивдүү түрдө боёлуп туруучу элементтери*).

**ХРОМОСФЕ'РА** *ж. астр.* хромосфера (*күндүн атмосферасынын ачык кызыл түстөгү өңү бар сырткы кабаты*).

**ХРОМОТА'** *ж.* аксактык, төкөрдүк.

**ХРОМОТИ'ПИЯ** *ж. полигр.* хромотипия (*көп түстүү боёктуу типографиялык басма*).

**ХРОМОФОТОГРА'ФИЯ** *ж. фото* хромофотография (1. *түстүү сүрөт чыгаруу жолу*; 2. *ушул жол менен алынган сүрөт*).

**ХРО'МПИК** *м. хим.* хромпик (*химиялык туздун бир түрү*).

**ХРО'НИК** *м. мед.* эски оорулуу, өнөкөт оорулуу киши.

**ХРО'НИКА** *ж.* 1. *ист.* хроника (*окуяларды хронологиялык ирети менен жазуу*); **ру́сские хро́ники называ́ются ле́тописями** орус хроникалары летописттер деп аталат; 2. *лит.* хроника (*коомдук, үй-бүлөлүк окуялардын тарыхы жазылган адабият чыгармасы*); **семе́йная хро́ника** үй-бүлө хроникасы; 3. хроника (*газетада — күндөлүк турмуш окуяларынын бөлүмү*); 4. *кино* хроника (*күндөлүк коомдук турмуштан алынган кыскача фильм*).

**ХРОНИКА'ЛЬНО-ДОКУМЕНТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое хроникалык-документалдык.

**ХРОНИКА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое хроникалуу, хроникалык; **хроника́льный фильм** хроникалуу фильм, хроникалык фильм.

**ХРОНИКЁР** *м.* хроникачы (*күндөлүк жергиликтүү турмуштан, газета хроникасы үчүн материалдар жыйноочу киши*).

**ХРОНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое өнөкөт болгон, созулма, дайыма кармоочу, дайыма; **хрони́ческое заболева́ние** өнөкөт оору; **хрони́ческий больно́й** өнөкөт оорулуу киши.

**ХРОНО'ГРАФ** *м.* хронограф (1. *ист. байыркы жазманын эстелиги; ал ошол мамлекеттин хроникасы катарында сакталып турат*; 2. *тех. так кылып убакытты жазып туруучу аспап, мис. замбиректин огунун учушунун тездигин өлчөп жазып туруучу аспап*).

**ХРОНО'ЛОГ** *м.* хронолог (*хронология боюнча специалист*).

**ХРОНОЛОГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **хронология**-*га т.*; хронологиялык; **хронологи́ческие да́ты** хронологиялык даталар; **хронологи́ческие табли́цы** хронологиялык таблицалар.

**ХРОНОЛО'ГИЯ** *ж. ист.* хронология (1. *убакыт тартиби боюнча бир окуялардын түзүлүшү, тартиптелиши*; 2. *тарыхый окуяларды алардын кайсы убакытта болгонуна жараша көрсөтүү; окуялардын белгиленген даталары*).

**ХРОНО'МЕТР** *м.* хронометр (*балансири бар, туура жүрүүчү астрономиялык саат*).

**ХРОНОМЕТРА'Ж** *м.* хронометраж (*эмгек процессеринин канча убакытка созула тургандыгын секундомердин жардамы менен текшерүү*).

**ХРОНОМЕТРАЖИ'СТ** *м.* хронометражист (*бир нерсенин хронометражын жүргүзүүчү киши*).

**ХРОНОМЕТРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* хронометраждоо (*бир нерсени хронометраждоо*).

**ХРОНОМЕТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **хронометр**-*ге т.*; хронометрдик; **хронометри́ческое определе́ние вре́мени** убакытты хронометрдик белгилөө, убакытты хронометр менен белгилөө.

**ХРОНОСКО'П** *м.* хроноскоп (*эң бир кыска убакытты өлчөө үчүн колдонула турган электр сааты*).

**ХРУ'ПКИЙ,** -ая, -ое 1. (*ломкий, непрочный*) морт, бат сынма, тез сынма; **хру́пкий мета́лл** морт металл; 2. *перен.* (*нежный, слабый*) назик; бош, чың эмес, начар; **хру́пкое здоро́вье** начар ден соолук; **хру́пкая де́вушка** назик кыз.

**ХРУ'ПКОСТЬ** *ж.* 1. (*ломкость, непрочность*) морттук; 2. *перен.* (*нежность, слабость*) назиктик; чың эместик, начардык, боштук.

**ХРУСТ** *м.* кычыроо, кырсылдоо, тырсылдоо, чыртылдоо, чытыроо, кырс этүү, тырс этүү, чырт этүү, чытыр

www.bizdin.kg

этүү, кычыр этүү, кырч этүү; **хруст снéга под ногáми** басканда кардын кычырашы; **хруст костéй** сөөктүн кырс этиши, сөөк-саактын кычырашы.

**ХРУСТА'ЛИК** *м. анат.* чечекей (*көздүн чечекейи*).

**ХРУСТА'ЛЬ** *м.* хрусталь (1. *жогорку сорттогу айнектин бир түрү*; 2. *ушундай айнектен жасалган идиш*); ◇ **гóрный хрустáль** тоо хрусталы (*түссүз тунук кварцтын бир түрү*).

**ХРУСТА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1. хрусталь-***га т.*; хрусталдык; **хрустáльный завóд** хрусталь заводу; **2.** *перен.* (*прозрачный*) таза,тунук; **хрустáльная водá** тунук суу.

**ХРУСТЕ'ТЬ** *несов.* кырсылдоо, тырсылдоо, чыртылдоо, чытыроо, кычыроо; **снег хрустúт под ногáми** басканда кар кычырайт; **печéнье хрустúт на зубáх** печенье тиштегенде кырсылдайт.

**ХРУ'СТНУТЬ** *однокр.* кырс (курс) этүү, тырс этүү, чырт этүү, чытыр этүү, кычыр этүү, кырч этүү.

**ХРУСТЯ'ЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **хрустéть; 2.** *прил.* кырсылдаган, кычыраган, чыртылдаган, тырсылдаган.

**ХРУЩ** *м. зоол.* хрущ (*айыл чарбачылыкка жана токойчулукка зыяндуу коңуздун бир түрү*).

**ХРЫЧ** *м. прост. бран.* как баш, көк чоку (*кары кишиге карата тилдеп айтылган сөз*); **стáрый хрыч** карыган как баш.

**ХРЫЧО'ВКА** *ж. прост. бран.* мастен, как баш (*кемпирге карата тилдеп айтылган сөз*).

**ХРЮ'КАНЬЕ** *ср.* коркулдоо (*чочко*).

**ХРЮ'КАТЬ** *несов.* коркулдоо.

**ХРЮ'КНУТЬ** *однокр.* корк этүү (*чочко жөнүндө*).

**ХРЯК** *м.* каман, чочконун эркеги.

**ХРЯЩ** I *м. анат.* кемирчек, кечир; **носовóй хрящ** мурун кемирчеги.

**ХРЯЩ** II *м. геол.* хрящ (*тоо тектеринин сыныктарынан чыккан ири кум*).

**ХРЯЩЕВА'ТЫЙ,** -ая, -ое кемирчектүү; **хрящевáтое мя́со** кемирчектүү эт.

**ХРЯЩЕВО'Й,** -áя, -óе **хрящ** I-*ге т.*; кемирчектүү; **хрящевáя ткань** кемирчектүү ткань.

**ХУ'ДЕНЬКИЙ,** -ая, -ое *уменьш.* илмигий, чилмигий, тыржыйган, чилжийген (*арык адам*).

**ХУДЕ'ТЬ** *несов.* арыктоо, жүдөө; **он худéет с кáждым днём** ал күндөн күнгө арыктап баратат.

**ХУ'ДО** I *ср.* жамандык, начардык; **он никомý не дéлает хýда** ал эч кимге жамандык кылбайт; ◇ **нет хýда без добрá** *посл.* ачтын тогу, арыктын семизи бар.

**ХУ'ДО** II **1.** *нареч.* жаман, начар; **э́то мóжет кóнчиться хýдо** мунун түбү жаман болуп бүтүшү мүмкүн; **2.** *безл. в знач. сказ. кому-чему* жаман, начар; **больнóму хýдо** оорунун абалы начар.

**ХУДОБА'** *ж.* арыктык, илмигийлик.

**ХУДО'ЖЕСТВЕННО** *нареч.* көркөмдүү, кооз.

**ХУДО'ЖЕСТВЕННОСТЬ** *ж.* көркөмдүк, көркөмдүүлүк, кооздук.

**ХУДО'ЖЕСТВЕННЫЙ,** -ая, -ое **1.** көркөм, кооз; **худóжественный руководи́тель теáтра** театрдын көркөм жетекчиси; **худóжественная литератýра** көркөм адабият; **худóжественное произведéние** көркөм чыгарма; **худóжественная самодéятельность** өздүк көркөм чыгармачылык; **2.** (*отвечающий требованиям искусства*) көркөмдүк, кооздук; **худóжественные достóинства произведéния** чыгарманын көркөмдүк (кооздук) жагы (жарактуулугу)

**ХУДО'ЖЕСТВО** *ср.* **1.** (*искусство*) художество; **Акадéмия худóжеств** Художестволор академиясы; **2.** *разг. неодобр.* (*проделка*) кылык, жаман кылык; **э́то всё егó худóжества** мунун баары анын жаман кылыгы.

**ХУДО'ЖНИК** *м.* **1.** (*живописец*) художник, сүрөтчү (*сүрөт тартуучу адам*); **2.** (*работник искусства*) художник (*искусствонун бир тармагында чыгармачылык кызмат кылуучу адам*); **худóжник слóва** сөз художниги (*сөз устасы*); **3.** *перен.* уста; **он — худóжник своегó дéла** ал өзүнүн ишинин устасы.

**ХУДО'ЖНИЦА** *женск. р. к* **худóжник.**

**ХУДО'Й** I, -áя, -óе арык; **худóй человéк** арык киши.

**ХУДО'Й** II, -áя, -óе **1.** жаман, болбогон; **в худóм смы́сле** жаман мааниде; **худáя слáва** жаман атак; **худóй мир лýчше дóброй ссóры** *посл.* жаман тынчтык чоң чатактан жакшы; **2.** (*изношенный, дырявый*) жыртык, эскирген, жыртылган; **худы́е сапогú** жыртык өтүк; **худóе ведрó** тешик чака; ◇ **на худóй конéц** *разг.* эң кеминде, эң болбогондо, жок дегенде, эң болбоду дегенде.

**ХУДОСО'ЧИЕ** *ср. мед.* кыржыгыйлык, өтө арыктык, ырбыгыйлык (*оорунун натыйжасында өтө арыктагандык*).

**ХУДОСО'ЧНЫЙ,** -ая, -ое кыржыгый, ырбыгый, өтө арык; **худосóчный органи́зм** ырбыгый организм.

**ХУДОЩА'ВОСТЬ** *ж.* анча-мынча арыктык, чап жаактык, арык чырайлык.

**ХУДОЩА'ВЫЙ,** -ая, -ое арык чырай, анча-мынча арык, чап жаак; **худощáвый человéк** арык чырай адам.

**ХУ'ДШИЙ,** -ая, -ее **1.** *сравн. ст. от прил.* **плохóй, худóй** II, **дурнóй** I жаман, начар, эң жаман, эң начар; **2.** *превосх. ст. от прил.* **плохóй, худóй** II, **дурнóй** I жамандын жаманы, акмактын акмагы; ◇ **в хýдшем слýчае** эң болбогондо, жок дегенде.

**ХУ'ЖЕ** *сравн. ст. от прил.* **плохóй, худóй** II, **дурнóй** *и нареч.* **плóхо, хýдо** I, **дýрно** жаман, начар.

**ХУЛА'** *ж.* жамандагач сөз, жала.

**ХУЛИГА'Н** *м.* хулиган (*зөөкүр, зээн баш*).

**ХУЛИГА'НИТЬ** *несов.* хулигандык кылуу (*зөөкүрдүк кылуу, зээн баштык кылуу*).

**ХУЛИГА'НКА** *женск. р. к* **хулигáн.**

**ХУЛИГА'НСКИЙ,** -ая, -ое **хулиган-***га т.*; хулигандык; **хулигáнский постýпок** хулигандык кылык.

**ХУЛИГА'НСТВО** *ср.* хулиганчылык, хулиганство (*зөөкүрдүк, зээн баштык*).

**ХУЛИ'ТЬ** *несов. кого-что, уст.* жамандоо, жала жабуу, тилдөө.

**ХУРМА'** *ж. бот.* хурма (*жыгачы техникада пайдаланылып турган түштүк өсүмдүктөрдүн бир түрү жана ушул жыгачтын жемиши*).

**ХУ'ТОР** *м.* хутор (*имараты бар обочолонгон жер участогу*).

**ХУТОРСКО'Й,** -áя, -óе **хутор-***го т.*

**ХУТОРЯ'НИН** *м.* хутордо туруучу, хутор ээси.

**ХУТОРЯ'НКА** *женск. р. к* **хуторя́нин.**

# Ц

**ЦА'ПАТЬ** *несов. кого-что, прост.* **1.** (*хватать*) аткып (чеңгелдеп) кармоо; **2.** (*царапать*) аткып алуу, тырмап алуу, чымчып алуу (*мис. мышык*).

**ЦА'ПАТЬСЯ** *несов. прост.* **1.** (*царапаться*) тырмап алуу, тырмашуу; **2.** *перен.* (*ссориться*) кажылдашуу, жаакташуу.

**ЦА'ПКА** *ж. с.-х.* кол кетмен, кичине кетмен.

**ЦА'ПЛЯ** *ж.* көк кытан.

**ЦА'ПНУТЬ** *однокр. см.* **цáпать.**

**ЦА'ПФА** *ж. тех.* цапфа (*подшипникке таянып тегеренүүчү валдын огу, шип*).

**ЦА'ПФЕННЫЙ,** -ая, -ое **цапфа** *-га т.*

www.bizdin.kg

**ЦАРА'ПАТЬ** *несов.* **1.** *кого-что* тырмоо, тытуу, тырмап алуу, тытып алуу (*тырмак менен*); **цара́пать ру́ку** колду тырмап алуу; **2.** *что, перен.* (*чертить чем-л. острым*) чийип так түшүрүү; **3.** *что, перен. разг.* (*плохо писать*) эптеп-септеп жазуу, жаман жазуу, тайраңдатып жазуу, тейтиректетип начар, кыйшык-куйшук кылып жазуу (*мис. катты*).

**ЦАРА'ПАТЬСЯ** *несов.* **1.** (*наносить царапины*) тырмап алуу, тытып алуу (*мис. мышык*); **2.** (*скрестись*) тырмалап кытыратуу (*мис. чычкан*); **3.** (*царапать друг друга*) тырмашуу, бири-бирин тырмоо, тытышуу.

**ЦАРА'ПИНА** *ж.* тырмактын изи, тырмак чийип кеткен из, чийилген так.

**ЦАРА'ПНУТЬ** *однокр. кого-что* тырмап алуу, тытып алуу.

**ЦАРЕ'ВИЧ** *м.* падышанын уулу.

**ЦАРЕ'ВНА** *ж.* падышанын кызы.

**ЦАРЕДВО'РЕЦ** *м ист.* падыша сарайында иштөөчү чоң мансаптуу киши, чоң төрө.

**ЦАРЕУБИ'ЙСТВО** *ср.* падыша өлтүрүү, падышаны өлтүрүүчүлүк.

**ЦАРЕУБИ'ЙЦА** *м.* падышаны өлтүргөн киши.

**ЦАРИ'ЗМ** *м.* царизм (*жогорку чексиз бийликтүү монархтын, падышанын колунда болгон башкаруу формасы, падышалык режим*).

**ЦАРИ'СТСКИЙ**, -ая, -ое **царизм**-*ге т.*

**ЦАРИ'ТЬ** *несов.* өкүм сүрүү; **в лесу́ цари́т тишина́** токойдо тынчтык өкүм сүрүп турат.

**ЦАРИ'ЦА** 1. *женск. р. к* **царь**; 2. *ж.*(*жена царя*) падышанын аялы.

**ЦА'РСКИЙ**, -ая, -ое **царь**-*га т.*; **ца́рский дворе́ц** кан сарайы, падыша сарайы; **ца́рское прави́тельство** падыша өкмөтү; ◇ **ца́рская во́дка** *хим.* азот жана туздуу кислотанын кошундусу.

**ЦА'РСТВЕННЫЙ**, -ая, -ое (*величественный*) келберсиген, сүрдүү, келбеттүү, айбаттуу.

**ЦА'РСТВО** *ср.* 1. (*государство во главе с царём*) падышалык; 2. (*царствование*) падышалык кылуу, падыша болуп туруу; 3. *перен.* дүйнө; **расти́тельное ца́рство** өсүмдүктөр дүйнөсү; **живо́тное ца́рство** айбандар дүйнөсү.

**ЦА'РСТВОВАНИЕ** *ср.* падышалык кылуу, падыша болуп туруу; **в ца́рствование Петра́ I** Пётр I падышалыгында, Пётр I падыша болуп турган убагында.

**ЦА'РСТВОВАТЬ** *несов.* 1. падышалык кылуу, падыша болуп туруу; 2. *перен.* (*царить*) өкүм сүрүү.

**ЦАРЬ** *м.* **1.** падыша; **2.** *перен.* төрө, падыша; **царь птиц** куш төрөсү; **царь звере́й** жырткычтардын падышасы; ◇ **царь-деви́ца** *фольк.* кыздардын кызы (*эң мыктысы*); **без царя́ в голове́** *погов.* акмак, акылсыз; **при царе́ Горо́хе** *шутл.* атам заманында.

**ЦА'ЦА** *м. и ж. прост.* кежир; кесир; **ишь, ца́ца кака́я!** *или* **что ты за ца́ца така́я?** мунун кесирин кара!, жаткан кесирдин өзү экенсиң!

**ЦВЕЛЬ** *ж. обл.* көк заңкер, **көк** (*мис. токочту баскан көк*).

**ЦВЕСТИ'** *несов.* **1.** гүлдөө, гүл ачуу, гүл чыгаруу; **я́блоня цветёт** алма гүлдөп жатат; **2.** *перен.* (*обладать красотой, здоровьем*) чытырап толуу (*киши жөнүндө*); **3.** *перен.* (*процветать*) гүлдөө, дүркүрөп өсүү, гүлдөп өсүү; **4.** (*плесневеть*) көк балыр басуу, көгөрүү.

**ЦВЕТ** *м.* **1.** (*мн.* **цвета́**) (*окраска*) түс, өң, ыраң, ireң; **пла́тье си́него цве́та** көк түстүү көйнөк; **у него́ хоро́ший цвет лица́** анын өңү жакшы; **2.** *собир.* гүл; **ли́повый цвет** липа гүлү; **3.** *перен.* (*отборная, лучшая часть чего-л.*) гүл; **цвет нау́ки** илимдин гүлү (*илимдин мыктылары*); ◇ **сад в цвету́** бак гүлдөп турат; **во цве́те** (*лет, сил и т. п.*) толуп турган чак; **челове́к во цве́те сил** күчү толгон киши, толуп гүлдөп турган киши.

**ЦВЕТЕ'НИЕ** *ср.* гүлдөө, гүл ачуу, гүл салуу, гүл чыгаруу.

**ЦВЕТИ'СТОСТЬ** *ж.* ыгы жок коолдолгондук; **цвети́стость изложе́ния** бир нерсенин ыгы жок коолдолуп айтылышы (баяндалышы).

**ЦВЕТИ'СТЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*пёстрый*) ар түрдүү гүлдүү, кубулма, кулпурма; **цвети́стый ковёр** ар түрдүү гүлдүү килем; **2.** *перен.* (*витиеватый*) ыгы жок коолдолгон (*мис. адабий чыгарманын тили*).

**ЦВЕТКО'ВЫЙ**, -ая, -ое *бот.* гүлдүү, гүлү бар; **цветко́вые расте́ния** гүлдүү өсүмдүктөр.

**ЦВЕТНИ'К** *м.* гүлүстөн, гүл аянт, гүлзар (*гүл өстүрүлгөн жер*).

**ЦВЕТНО'Й**, -а́я, -о́е түстүү, жалтырак (*ак, кара ыраңдан башка түстөгү*); **цветно́й фильм** түстүү фильм; ◇ **цветны́е мета́ллы** түстүү металлдар, жалтырак металлдар; **цветна́я капу́ста** гүлдүү капуста (*капустанын бир түрү*).

**ЦВЕТОВО'Д** *м.* гүл өстүрүүчү.

**ЦВЕТОВО'ДСТВО** *ср.* 1. (*разведение цветов*) гүл өстүрүүчүлүк; 2. (*хозяйство, предприятие*) гүл өстүрүүчү чарба.

**ЦВЕТОВО'ДЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **цветоводство**-*го т.*; **цветово́дческое хозя́йство** гүл өстүрүү чарбасы.

**ЦВЕТО'К** *м.* (*мн.* **цветки́** *и* **цветы́**) гүл.

**ЦВЕТОЛО'ЖЕ** *ср. бот.* гүл төшөгү (*гүлдүн желекчелери отуруучу жери*).

**ЦВЕТОНО'ЖКА** *ж. бот.* гүлдүн сабы, гүл сабы.

**ЦВЕТОНО'СНЫЙ**, -ая, -ое *бот.* гүл чыгаруучу, гүлдүү; **цветоно́сное расте́ние** гүлдүү өсүмдүк.

**ЦВЕТО'ЧЕК** *м. уменьш.-ласк. от* **цвето́к** гүл, кичинекей гүл; ◇ **э́то цвето́чки, а я́годки впереди́** *погов.* бул эчтеке эмес, дагынкысы дагы бар (*көргүлүгү — ар жагында*); бул — гүлү гана, жемишин кийин көрөсүң.

**ЦВЕТО'ЧНИЦА** *ж.* гүл сатуучу аял

**ЦВЕТО'ЧНЫЙ**, -ая, -ое **цветок**-*ко т.*; **цвето́чный одеколо́н** гүл одеколону; **цвето́чный магази́н** гүл сатуучу магазин; **цвето́чный горшо́к** гүл өстүрүлүүчү карапа.

**ЦВЕТУ'ЩИЙ**, -ая, -ее **1.** *прич. от* **цвести́**; **2.** *прил.* гүлдөп турган, гүлдөп жаткан; **цвету́щий сад** гүлдөп турган бак; **3.** *прил. перен.* гүлдөп ачылып турган, гүлдөп турган; **цвету́щая респу́блика** гүлдөп турган республика.

**ЦВЕТЫ'** *мн. от* **цвето́к**.

**ЦЕ'ВКА** *ж.* **1.** *текст.* жип түрүлүүчү чыгырык; **2.** (*кость*) жилик сөөк; **3.** (*на колесе*) купчөк.

**ЦЕВЬЁ** *ср* **1.** *воен.* мылтык кундагынын баш жагы; **2.** *тех.* (*стержень*) өзөк, сап.

**ЦЕДИ'ЛКА** *ж. разг.* чыпка.

**ЦЕДИ'ТЬ** *несов. что* **1.** (*фильтровать*) чыпкалоо, сүзүү; **2.** (*медленно лить*) куюу (*тешиктен, чоргодон сыртка куюу*); ◇ **цеди́ть сквозь зу́бы** *или* **цеди́ть слова́** тиштенип сүйлөө (*ачууланбай эле*).

**ЦЕ'ДРА** *ж.* цедра (*лимондун же апельсиндин кукумдөгөн кабыгы*).

**цежу́, це́дишь** *и т. д. наст. вр. от* **цеди́ть.**

**ЦЕ'ЗИЙ** *м. хим.* цезий (*күмүш түстөгү жумшак металл*).

**ЦЕЗУ'РА** *ж. лит., муз.* цезура (*ырдын ичинде ритмдик тыным*).

**ЦЕЙТНО'Т** *м. шахм.* цейтнот (*жүрүшту ойлоого убакыттын жетпей калышы*).

**ЦЕЙХГА'УЗ** *м. воен.* цейхгауз (*аскердин кийими сактолуучу үй*).

**ЦЕЛЕ'БНОСТЬ** *ж.* дарылык, дарылык касиети, бар; **целе́бность не́которых трав** кээ бир чөптүн дарылыгы.

**ЦЕЛЕ'БНЫЙ**, -ая, -ое дары; дарылыгы бар, дарылык касиети бар; **целе́бные тра́вы** дары чөптөр; **целе́бный исто́чник** суусунун дарылык касиети бар булак (*мис. арашан*).

www.bizdin.kg

**ЦЕЛЕВО'Й,** -ая, -ое максаттуу, максат коюлган; **целево́й ава́нс** максаттуу аванс; **целева́я устано́вка докла́да** докладдын максатынын багытталышы.

**ЦЕЛЕНАПРА'ВЛЕННОСТЬ** *ж.* максатка багытталгандык; **идейная целенапра́вленность произведе́ний** чыгармалардын идеялык максатка багытталгандыгы.

**ЦЕЛЕСООБРА'ЗНОСТЬ** *ж.* максатка ылайыктуулук, пайдалуулук, жөнү бардык, жөндүүлүк; **целесообра́зность де́йствий** аракеттердин максатка ылайыктуулугу.

**ЦЕЛЕСООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое пайдалуу, ылайыктуу, жөндүү, жөнү бар, максатка ылайыктуу.

**ЦЕЛЕУСТРЕМЛЁННОСТЬ** *ж.* максаттуулук, максатка умтулгандык, максатка багытталгандык.

**ЦЕЛЕУСТРЕМЛЁННЫЙ,** -ая, -ое максаттуу, максатка умтулган, максатка багытталган; **целеустремлённый труд** максаттуу эмгек, максатка умтулган эмгек.

**ЦЕЛИ'К** *м. воен.* целик (*эски замбиректин, пулемёттун жылдырма кароолу*).

**ЦЕЛИКО'М** *нареч.* **1.** (*в целом виде*) бүт бойдон, чогуу бойдон; **2.** *перен.* (*без ограничений, полностью*) толук, толугу менен, бүт бойдон; **целико́м отда́ться** *чему-л.* бир нерсеге бүт бойдон берилүү; ◇ **целико́м и по́лностью** толук жана бүт бойдон.

**ЦЕЛИНА'** *ж.* **1.** (*непаханая земля*) дың, дың жер; **по́днятая целина́** көтөрүлгөн (айдалган) дың; **2.** кол тийбеген, аяк баспаган (*мис. токой, жер, кар*).

**ЦЕЛИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **целина**-*га т.*; **цели́нные зе́мли** дың жерлер.

**ЦЕЛИ'ТЕЛЬНОСТЬ** *ж. см.* **целе́бность.**

**ЦЕЛИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **целе́бный.**

**ЦЕ'ЛИТЬ** *несов.* **1.** (*напр. из ружья*) мээлөө, шыкаалоо (*мылтыкты*); **2.** *перен. разг.* көздөө, максат тутуу.

**ЦЕ'ЛИТЬСЯ** *несов.* **1.** (*при стрельбе*) мээлөө, шыкаалоо; **2.** *перен. разг.* көздөө, максат тутуу.

**ЦЕЛКО'ВЫЙ** *м. разг. уст.* сөлкөбай (*бир сомдук акча*).

**ЦЕЛЛОФА'Н** *м.* целлофан (*аш-тамак оролуучу суу өткөрбөс целлюлоза жаргагы*).

**ЦЕЛЛУЛО'ИД** *м.* целлулоид (*целлюлозадан чыгарылуучу зат; бул — кинематографиялык лента, фотографиялык пластинка ж. б. даярдоо ишинде колдонулат*).

**ЦЕЛЛУЛО'ИДНЫЙ,** -ая, -ое **целлулоид**-*ге т.*

**ЦЕЛЛЮЛО'ЗА** *ж.* **1.** целлюлоза; *см.* **клетча́тка; 2.** целлюлоза (*жыгачтан жана кээ бир өсүмдүктөрдүн сабагынан химиялык жол менен чыгарылуучу зат; бул — кагаз, жасалма жибек жана жарылма заттар иштеп чыгаруу үчүн колдонулат*).

**ЦЕЛЛЮЛО'ЗНО-БУМА'ЖНЫЙ,** -ая, -ое: **целлюло́зно-бума́жный комбина́т** целлюлоза-кагаз комбинаты.

**ЦЕЛЛЮЛО'ЗНЫЙ,** -ая, -ое **целлюлоза**-*га т.*; **целлюло́зная фа́брика** целлюлоза фабрикасы.

**ЦЕЛОВА'НИЕ** *ср. уст.* (*присяга*) ант, касам, ант берүү.

**ЦЕЛОВА'ТЬ** *несов. кого-что* өбүү.

**ЦЕЛОВА'ТЬСЯ** *несов.* өбүшүү.

**ЦЕ'ЛОЕ** *ср. см.* **це́лый** 5, 6.

**ЦЕЛОМУ'ДРЕННОСТЬ** *ж.* пакизалык, тазалык (*жүрүм-турум жагынан*).

**ЦЕЛОМУ'ДРЕННЫЙ,** -ая, -ое пакиза, таза (*жүрүм-турум жагынан*).

**ЦЕЛОМУ'ДРИЕ** *ср. см.* **целому́дренность.**

**ЦЕ'ЛОСТНОСТЬ** *ж.* бирдиктүүлүк, бүтүндүк, жыйнактык.

**ЦЕ'ЛОСТНЫЙ,** -ая, -ое бирдиктүү, бүтүн, жыйнак; **це́лостное мировоззре́ние** дүйнөгө бирдиктүү көз караш (*эки анжы болбостон; ыргылжыңсыз*).

**ЦЕ'ЛОСТЬ** *ж.* амандык, бүтүндүк; **твои́ ве́щи в це́лости и сохра́нности** сенин буюмдарың бүт бойдон аман.

**ЦЕ'ЛЫЙ,** -ая, -ое **1.** бүт, бүтүн; **це́лый стака́н воды́** бүт бир стакан суу; **це́лые чи́сла** *мат.* бүтүн сандар; **2.** (*большой, значительный*) бир топ; **це́лый ряд вопро́сов** толуп жаткан маселелер, бир топ маселелер; **3.** (*напр. при указании на срок*) бүт бойдон, өтө көп, бүткүл, толгон; **це́лый день** керели кечке, күн бою; **мы с тобо́й це́лый век не вида́лись** сени менен кыйла замандан бери көрүшө элекпис; **це́лая истори́ческая эпо́ха** бүт бойдон бир тарыхый доор; **4.** (*неповреждённый, не пропавший*) аман, эсен, бүтүн; **твои́ ве́щи це́лы** сенин буюмдарың аман; **5.** *в знач. сущ. ср.* бүтүн, биримдик, бир; **на́ша многонациона́льная страна́ есть еди́ное це́лое** биздин көп улуттук өлкөбүз ажырагыс бир бүтүн болуп саналат; **6.** *в знач. сущ. ср. мат.* бүтүн (*бүтүн сан; бөлчөк эмес сан*); ◇ **в це́лом** бүт бойдон, чогуусу менен; **в о́бщем и це́лом** жалпы жонунан, жалпы алганда; **цел и невреди́м** аман-эсен, эсен-соо; **оста́лся цел и невреди́м** аман-эсен жана зыян көрбөй калды; **уходи́, пока́ цел!** *разг.* аманыңда жогол!; ушунчаңда кеткин!

**ЦЕЛЬ** *ж.* **1.** (*мишень*) бута (*атуу үчүн коюлган бута*); **попа́сть в цель** 1) бутага так тийүү; 2) *перен.* көздөгөнүнө жетүү; **2.** *перен.* максат; **мы дости́гли свое́й це́ли** биз максатыбызга жеттик; **ста́вить себе́ це́лью** *или* **задава́ться це́лью** өзүнө максат кылып коюу; **име́ть це́лью** алдына койгон максат; **пресле́довать цель** максатты көздөө; **дости́чь це́ли** максатка жетүү; **отвеча́ть це́ли** максатка жооп берүү; **с це́лью** *или* **в це́лях** максаты менен.

**ЦЕЛЬНОМЕТАЛЛИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *тех* бүтүндөй металлдан жасалган; **цельнометалли́ческий пассажи́рский ваго́н** бүтүндөй металлдан жасалган пассажирдик вагон.

**ЦЕЛЬНОСВА'РНЫЙ,** -ая, -ое бүтүн ширетилген, туташ ширетилген.

**ЦЕ'ЛЬНОСТЬ** *ж.* бүтүндүк, бирдиктүүлүк, биримдүүлүк.

**ЦЕ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **1.** (*единый*) бүтүн (*курак эмес*); **2.** *перен.* (*о человеке и т. п.*) бирдиктүү, биримдүү, оопай эмес, кебелбес; **це́льная нату́ра** кебелбес киши; **3.** (*неразбавленный*) ынак; **це́льное молоко́** ынак сүт.

**ЦЕМЕ'НТ** *м.* цемент (*завод жолу менен иштелип чыккан ун сыяктуу нерсе; аны сууга аралаштырганда камырдай жуурулат да, абада таш сыяктуу катып калат; бул—курулуш иштеринде колдонулат*).

**ЦЕМЕНТА'ЦИЯ** *ж.* цементация, цементациялоо, цементтөө (**1.** *цемент менен карматуу же төшөө*; **2.** *тех. жумшак болоттон же темирден жасалган буюмдардын тышкы кабатын углерод менен байытуу процесси*; **3.** *геол. тоо тегинин составдык бөлүктөрүнүн эриген минералдык заттар аркалуу чапталуу процесси*).

**ЦЕМЕНТИ'РОВАНИЕ** *ср. см.* **цемента́ция.**

**ЦЕМЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех.* цементациялоо, цементтөө (*цемент менен бекитүү*).

**ЦЕМЕНТИ'РОВАТЬСЯ** **1.** *сов. и несов.* цементтелүү; **2.** *несов. страд. к* **цементи́ровать.**

**ЦЕМЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое **цемент**-*ке т.*; **цеме́нтная промы́шленность** цемент өнөр жайы.

**ЦЕНА'** *ж.* **1.** (*стоимость*) баа; **2.** (*плата, вознаграждение*) акы; **цена́ за вход** кирүү акысы; **3.** *перен.* (*значение*) кадыр; **он зна́ет це́ну де́ньга́м** ал акчанын кадырын билет; ◇ **цено́ю** *или* **цено́й** 1) баасы; **мне нужны́ сапоги́ цено́ю подеше́вле** мага баасы арзаныраак өтүк керек; 2) *перен* сарыптап, жумшап, сиңирип; **цено́ю большо́го труда́** көп эмгек сиңирип; **дорого́й цено́й** көп эмгек сиңирип, көп азап тартып, көп чыгым болуп; **цено́ю больши́х поте́рь** көп чыгым болуп; **в цене́** кымбат, баасы жогору; **грош цена́** түккө турбайт, баасы сокур тыйын; **знать це́ну** кадырын билүү, кадырына жетүү; **цены́ нет** өтө баалуу, баа жеткис.

**ЦЕНЗ** *м.* ценз (**1.** *кандайдыр бир саясий укукту, көбүнчө шайлоо укугун чектөө шарты; мис. мүлктүк абал, маалыматтык даражасы ж. б. боюнча*; **2.** *эк. кандайдыр*

www.bizdin.kg

*шкананы тигил же бул тизмеге, реестрге киргизүү үчүн керек болгон шарт*).

**ЦЕ'НЗОВЫЙ**, -ая, -ое **ценз**-*ге т.*; цензд ү ү.

**ЦЕ'НЗОР** *м.* цензор (*басылып чыгуучу чыгармалардын цензура ишин кароочу кызматчы*).

**ЦЕ'НЗОРСКИЙ**, -ая, -ое **цензор**-*го т.*

**ЦЕНЗУ'РА** *ж.* цензура (1. *басылып чыгуучу, сахнага коюлуучу ж. б. чыгармалардын мазмунуна мамлекеттик органдар тарабынан байкоо жүргүзүп туруу*; 2. *жогорку айтылган байкоолорду жүргүзүп туруучу мекеме*).

**ЦЕНЗУ'РНЫЙ**, -ая, -ое 1. **цензура**-*га т.*; 2. *перен.* (*приличный*) адептүү, уят эмес.

**ЦЕНИ'ТЕЛЬ** *м.* баалоочу, баалай билүүчү, баркына жетүүчү, кадырына жетүүчү.

**ЦЕНИ'ТЬ** *несов. кого-что* 1. (*определять стоимость*) баа коюу, баалоо; **ценить в сто рублей** жүз сомго баалоо; 2. *перен.* баркына жетүү, кадырын билүү; **ценить по заслугам** сиңирген эмгегине карай баалоо.

**ЦЕНИ'ТЬСЯ** *несов.* 1. баа коюлуу; 2. *перен.* баркына жетилүү; кадыры билинүү; **цениться на вес золота** баасы алтындай болуу; 3. *страд. к* **ценить**.

**ЦЕ'ННОСТЬ** *ж.* 1. (*стоимость, цена*) баа, нарк; **ценность этого камня велика** бул таштын баасы эң жогору; 2. **ценности** *мн.* (*ценные предметы*) кымбаттуу мүлк, асыл мүлк, **материальные ценности** материалдык мүлктөр; 3. **ценности** *мн.* байлык, казына; **культурные ценности** маданият байлыктары; 4. *перен.* (*важность, значимость*) баалуулук, кымбаттык; **ценность этой работы всеми признана** бул иштин баалуулугу жалпыга таанылды.

**ЦЕ'ННЫЙ**, -ая, -ое 1. баалуу; **ценные бумаги** баалуу кагаздар; 2. (*важный, нужный*) баалуу; **ценный человек** баалуу киши.

**ЦЕНООБРАЗОВА'НИЕ** *ср. эк.* баа жасалуу, баа түзүлүү.

**ЦЕ'НТНЕР** *м.* центнер (*жүз килограммга барабар оордук өлчөөсү*).

**ЦЕНТР** *м* 1. *мат., тех.* борбор, орто; **центр круга** тегеректин борбору; **центр тяжести** 1) *физ.* салмак борбору; 2) *перен.* орчундуу жер; 2. (*средоточие, середина*) орто, **я живу в центре города** мен шаардын ортосунда турам; 3. *перен.* (*о чём-л. важном, главном*) түп, борбор; **в центре внимания** көңүлдүн борборунда; 4. (*важный пункт*) борбор; **областной центр** областтык борбор; **научный центр** илимий борбор; 5. (*высший руководящий орган*) борбор (*жогорку жетекчи орган*); **директивы центра** борбордун директивалары.

**ЦЕНТРА'Л** *м. ист.* централ (*падышалык Россияда — түрмөгө кесилгендерди жыйнап барып камоочу борбордук чоң түрмө*).

**ЦЕНТРАЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* борбордошуу, борбордоштуруу; **централизация капитала** *эк.* капиталды борбордоштуруу.

**ЦЕНТРАЛИ'ЗМ** *м.* централизм (*башкаруу системасынын бир түрү; мында — жергиликтүү мекемелер борборго багынып, алардын көрсөтмөлөрү менен иштешет*); **демократический централизм** демократиялык централизм.

**ЦЕНТРАЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. что* борбордоштуруу.

**ЦЕНТРАЛИЗОВА'ТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* борбордошуу; 2. *страд. к* **централизовать**.

**ЦЕНТРА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*находящийся в центре*) борбордогу, борбордук; **центральная улица** борбордук көчө; 2. (*главный, руководящий*) борбордук; **Центральный Комитет** Борбордук Комитет; 3. *перен.* (*основной, существенный*) борбордук, негизги; **центральный вопрос** негизги маселе; ◇ **центральный угол** *мат.* борбордук бурч; **центральное отопление** борбордук жылытуу (*бир гана меш жагылып, ошол мештин жылуусу труба аркылуу, ысык суу жиберүү түрүндө, бардык үйлөргө таралып жылытуу*); **центральная нервная система** борбордук нерв системасы.

**ЦЕНТРИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что, тех.* центровкалоо (*инструменттти тактап борборуна тууралап орнотуу*).

**ЦЕНТРИФУ'ГА** *ж. тех.* центрифуга (*борбордон качма күч аркылуу чубурулма же суюк нерселерди составдык бөлүктөрүнө ажыратуучу аппарат; сепаратор*).

**ЦЕНТРОБЕ'ЖНЫЙ**, -ая, -ое *физ., тех.* борбордон качма (*айланган убакта борбордон четке качма*); **центробежная сила** борбордон качма күч; **центробежный насос** борбордон качма насос.

**ЦЕНТРОВА'ТЬ** *сов. и несов. что, тех.* борборго далдап орнотуу.

**ЦЕНТРО'ВКА** *ж. тех.* центровка (*инструменттин борборго тактап орнолушу*).

**ЦЕНТРОПЛА'Н** *м. ав.* центроплан (*самолёттун канаттарынын орто бөлүгү*).

**ЦЕНТРОСТРЕМИ'ТЕЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *физ., тех.* борборго умтулма; **центростремительная сила** борборго умтулма күч.

**ЦЕП** *м. с.-х.* цеп (*эгин токмоктоочу аспап*).

**ЦЕПЕНЕ'ТЬ** *несов.* катып калуу, селейүү, катып сенейүү, селдейип (селейип) калуу (*мис. корккондо, ушүгөндө*); **цепенеть от холода** сууктан катып сенейүү.

**ЦЕ'ПКИЙ**, -ая, -ое 1. шап кармай алма, өтө шамдагай кармама (*мис. маймылдын колу*); 2. (*о веществе*) илээшме, жабышкак (*мис. цемент*); 3. *перен. разг.* көшөрмө, тырыш, тырышкак, айткандан кайтпаган; **цепкий человек** көшөрмө киши.

**ЦЕ'ПКОСТЬ** *ж.* 1. шап кармагычтык, өтө шамдагай кармагычтык; 2. (*вещества*) илээшмелик, жабышкактык; 3. *перен. разг.* тырыштык.

**ЦЕПЛЯ'ТЬСЯ** *несов. за кого-что* 1. илээшүү, оролуу, жармашуу (*мис. узун чөп*); **цепляться за сучья** бутактарга жармашуу; 2. *перен. разг.* жабышып алуу, жармашып алуу, коё бербей жармашуу; **цепляться за** *какое-л.* **предложение** *кандайдыр бир* сунушка жармашуу.

**ЦЕПНО'Й**, -ая, -ое чынжырдуу (*чынжырдан иштелген*); **цепной мост** чынжырдуу көпүрө; ◇ **цепная собака** байлоодогу ит, чынжырдагы (кабааган) ит; **цепное правило** *мат.* татаал үчтүк эреже.

**ЦЕПО'ЧКА** *ж.* 1. (*напр. для часов*) кичинекей чынжыр боо (*мис. чөнтөк сааттыкы*); 2. *воен.* чубама; **цепочка связных** байланыш аскерлеринин чубама жүрүшү.

**ЦЕППЕЛИ'Н** *м.* цеппелин (*дирижаблдин бир түрү*).

**ЦЕПЬ** *ж.* 1. чынжыр; **режущая цепь угольного комбайна** көмүр комбайнынын кескич чынжыры; **спустить собаку с цепи** итти чынжырдан агытуу; 2. *перен.* тизмек, тутум; **цепь доказательств** далилдер тизмеги; 3. *физ.* тизмек; **электрическая цепь** электр тизмеги; 4. **цепи** *мн.* (*оковы*) чынжыр; **цепи рабства** кулдук чынжыры; **разорвать цепи** чынжырды үзүү; 5. тизмек, тутум; **цепь гор** тоо тизмеги; **стрелковая цепь** аткычтар тизмеги; ◇ **как с цепи сорвался** *разг.* иттин мурдунан түшкөндөй.

**ЦЕ'РБЕР** *м.* цербер (1. *байыркы гректин мифологиясында — тозоктун эшигин кайтаруучу үч баштуу ит*; 2. *перен. катаал, кара мүртөз сакчы*).

**ЦЕРЕБРА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *анат. см.* **мозговой**.

**ЦЕРЕМОНИА'Л** *м.* церемониал (*жөрөлгө, каада; салтанат, шаан-шөөкөт*).

**ЦЕРЕМОНИА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **церемониал**-*га т.*; церемониалдуу (*шаан-шөөкөттүү, салтанаттуу*); **церемониальный марш** церемониалдуу марш.

**ЦЕРЕМОНИЙМЕ'ЙСТЕР** *м. уст.* церемониймейстер (*церемониал жүрүшүн байкап туруучу жогорку чин*).

**ЦЕРЕМО'НИТЬСЯ** *несов. разг.* ыгы жок сыпайылык кылуу, тартынуу, талымсуу, кылыксынуу, ыгы жок жумшактык кылуу; **он не очень-то церемонится** ал анчалык деле тартынып турбайт.

**ЦЕРЕМО'НИЯ** *ж.* 1. (*обряд*) церемония (*жөрөлгө, ырым-жырым, каада*); 2. *чаще мн. перен. разг.*

www.bizdin.kg

(*внешние условности*) ийменүү, тартынуу, кылыксынуу, бейил көрсөтүү (*белги-эрежелерди ыгы жок колдонуп*).

**ЦЕРЕМО'ННЫЙ,** -ая, -ое кылык көрсөтмө, бейил көрсөтмө, назданган; **церемо́нное обраще́ние** назданып мамиле кылуу.

**ЦЕ'РИЙ** *м. хим.* церий (*тез жуурулуучу, тез кесилүүчү жумшак металл*).

**ЦЕРКОВНОСЛАВЯ'НСКИЙ,** -ая, -ое: **церковнославя́нский язы́к** чиркөөлүк-славяндык тил (*орустардын диний китептерде жана чиркөөдө пайдаланылуучу эски жазма тили*).

**ЦЕРКОВНОСЛУЖИ'ТЕЛЬ** *м.* чиркөө кызматчысы, дин кызматчысы.

**ЦЕРКО'ВНЫЙ,** -ая, -ое **церковь**-*го т.*; **церко́вные обря́ды** чиркөө ырым-жырымдары.

**ЦЕ'РКОВЬ** *ж.* чиркөө (1. *чиркөө; чиркөөнүн үйү;* 2. *догматтар жана ырым-жырым жагынан бириккен христиандардын уюму*).

**ЦЕСА'РКА** *ж. зоол.* цесарка (*тоок түркүмүнө жатуучу бакма куштун бир түрү*).

**ЦЕХ** *м.* цех (1. *заводдун же фабриканын белгилүү бир продукция иштетилүүчү бөлүгү;* 2. *ошол бөлүмдүн үйү;* 3. *ист. мурунку феодалдык Европада — кесипчилердин, ремесленниктердин уюму*).

**ЦЕХКО'М** *м.* (цехово́й комите́т) цехком (цех комитети).

**ЦЕХОВО'Й,** а́я, -о́е 1. **цех**-*ке т.*, **цехово́й комите́т** цех комитети; 2. *перен. неодобр.* түнт (*өзүнүн группалык тар чөйрөсүнүн мүдөөлөрүнөн чыкпаган*).

**ЦЕХОВЩИ'НА** *ж. неодобр.* цеховщина, түнттүк (*өзүнүн группалык, кружоктук, профессиялык тар чөйрөсүнөн, мүдөөлөрүнөн чыкпагандык*).

**ЦЕЦЕ'** *ж. нескл зоол.* цеце (*уйку оорусун таркатуучу кан соргуч чымын*).

**ЦИА'Н** *м. хим.* циан (*составында азот менен углерод бар өтө уулуу түссүз газ*).

**ЦИАНИСТОВОДОРО'ДНЫЙ,** -ая, -ое *хим.* цианводороддуу.

**ЦИА'НИСТЫЙ,** -ая, -ое **циан**-*га т.*; циандуу; **циа́нистый ка́лий** циандуу калий.

**ЦИА'НОВЫЙ,** -ая, -ое **циан**-*га т.*; циандуу; **циа́новая кислота́** циан кислотасы.

**ЦИ'БИК** *м.* чай салынган чоң ящик.

**ЦИВИЛИЗА'ТОР** *м.* цивилизатор (*басып алынган колониялардагы кулдукка түшкөн элдерди «маданият таратып жатабыз» деген калп ураан менен аёосуз эксплуатациялоочу империалист*).

**ЦИВИЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* цивилизация (*кандайдыр бир коомдук-экономикалык формациянын убагындагы жетишкен коомдук өнүгүштүн жана материалдык маданияттын өрчүш деңгээли*).

**ЦИВИЛИЗО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое цивилизациялуу; **цивилизо́ванный мир** цивилизациялуу эл.

**ЦИВИЛИЗОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* цивилизациялаштыруу (*цивилизацияга жеткизүү*).

**ЦИВИЛИЗОВА'ТЬСЯ** 1. *сов. и несов.* цивилизациялоо, цивилизацияланув, цивилизациялашуу; 2. *несов. страд. к* **цивилизова́ть.**

**ЦИВИЛИ'СТ** *м. юр.* цивилист (*граждандык укук жөнүнөн специалист*).

**ЦИВИ'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое *уст.* граждандык.

**ЦИГА'РКА** *ж. разг.* цигарка (*кагазга оролуп тартылган махорка*).

**ЦИГЕ'ЙКА** *ж.* цигейка (*текши кыркылып боёлгон эчки териси*).

**ЦИГЕ'ЙКОВЫЙ,** -ая, -ое **цигейка**-*га т.*; цигейкалык.

**ЦИК** *м.* (Центра́льный Исполни́тельный Комите́т) БАК (Борбордук Аткаруу Комитети).

**ЦИКА'ДА** *ж. зоол.* цикада (*чыркылдап секирип жүрүүчү кибир жаныбардын бир түрү*).

**ЦИКЛ** *м.* 1. цикл (*белгилүү бир убакыт ичинде өрчүштүн толук жолун басып өткөн кандайдыр кубулуштардын, процесстердин, жумуштардын жыйынтыгы*); **производственный цикл** өндүрүштүк цикл (*иштетүүнүн башталышынан аягына чейинки болгон процесс*); 2. цикл (*бир-бири менен байланышкан көрүнүштөрдүн, аракеттердин жыйындысы*); **цикл ле́кций по исто́рии** тарых жөнүндө окулуучу лекциялар цикли; 3. цикл (*белгилүү бир илимдердин, дисциплиналардын тобу*); **истори́ческий цикл** тарыхый илимдердин цикли.

**ЦИКЛАМЕ'Н** *м. бот.* цикламен (*кооздук үчүн өстүрүлүүчү өсүмдүктүн бир түрү*).

**ЦИКЛИЗА'ЦИЯ** *ж.* циклизация, циклдештирүү (*бир циклге бириктирүү*).

**ЦИКЛИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **цикл**-*ге т.*; циклдүү.

**ЦИКЛИ'ЧНОСТЬ** *ж.* циклдүүлүк, цикл боюнча иштелүүчүлүк, цикл менен болуучулук; **цикли́чность в произво́дстве** өндүрүштөгү циклдүүлүк.

**ЦИКЛИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое **цикл**-*ге т.*; циклдүү, цикл менен иштелүүчү; **цикли́чная рабо́та** циклдүү иш.

**ЦИКЛОВА'НИЕ** *ср. тех.* циклование (*жумуштарды циклдарга бөлүп иштөө методу*).

**ЦИКЛО'Н** *м.* 1. *метеор.* циклон (*катуу куюндуу, кара нөшөрлүү, аябаган чоң атмосфералык алай-дүлөй*); 2. *разг.* (*буря, ураган*) алай-дүлөй, катуу бороон, чоң добул.

**ЦИКЛОНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **циклон**-*го т.*; циклондуу; **циклони́ческий вихрь** циклондуу куюн.

**ЦИКЛО'П** *м.* циклоп (1. *миф. жомоктогу жалгыз көздүү дөө, алп;* 2. *зоол. балыкка азык болуучу муунак денелүү, майда суу жаныбарлары*).

**ЦИКЛОПИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое килейген, эбегейсиз, олчойгон (*байыркы замандагы өлчөөсүз чоң курулуш, имарат жөнүндө*).

**ЦИКО'РИЙ** *м.* 1. *бот.* чачыраткы (*чөп*); 2. цикорий (*кофеге кошулуучу чачыраткынын кургатылган тамыры*).

**ЦИКУ'ТА** *ж. бот.* цикута (*уу өсүмдүктүн бир түрү*).

**ЦИЛИ'НДР** *м.* цилиндр (1. *туура уч бурчтуктун бир жагынын тегерегинде айлануудан пайда болгон геометриялык тело;* 2. *тех. машинанын куту сыяктуу бир бөлүгү,* 3. *өтө бийик төбөлүү калпак*).

**ЦИЛИНДРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **цилиндр** 1-*ге т.*; цилиндрдик; **цилиндри́ческий сосу́д** цилиндр формасындагы идиш; **цилиндри́ческая пове́рхность** цилиндрдик бет.

**ЦИМБАЛИ'СТ** *м.* цимбалист (*цимбал чертүүчү музыкант*).

**ЦИМБА'ЛЫ** *только мн. муз.* цимбал (*төрт кырдуу кутунун бетине металл кыл керилип, ошол кылдарды балкача менен уруп ойноолуучу музыкалык аспап*).

**ЦИНГА'** *ж. мед.* цинга (*витамин «С» жетпегендиктен тиштин эттери көөп, тиштер түшүүчү оорунун бир түрү*).

**ЦИНГО'ТНЫЙ,** -ая, -ое **цинга**-*га т.*; **цинго́тный больно́й** цинга оорулуу киши.

**ЦИНИ'ЗМ** *м.* цинизм (*жалпы кабылданган моралдык эрежелерге бетсиздик менен, уятсыз каршы чыгуу; уятсыздык, бетпактык, уят-сыйытты билбегендик*).

**ЦИ'НИК** *м.* циник, уятсыз, бетпак, бетсиз киши.

**ЦИНИ'ЧНОСТЬ** *ж. см.* **цини́зм.**

**ЦИНИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое уятсыз.

**ЦИНК** *м.* цинк (*көгүлтүр түстөгү ак металл*).

**ЦИНКОВА'НИЕ** *ср.* цинктөө (*идиштин ичин цинк менен жалатуу*).

**ЦИНКОВА'ТЬ** *несов. что, тех.* цинктөө, цинк менен жабуу.

**ЦИ'НКОВЫЙ,** -ая, -ое **цинк**-*ке т.*; цинктүү; **ци́нковая руда́** цинктүү руда, цинк рудасы; **ци́нковая мазь** цинктүү май (*дары*); **ци́нковые бели́ла** *ак боёктун бир түрү.*

www.bizdin.kg

**ЦИНКОГРА'ФИЯ** *ж.* цинкография (1. *типография үчүн цинк клишелерди фотомеханикалык жол менен даярдоо ыгы;* 2. *ушундай клишелерди жасап чыгаруучу иш орду*).

**ЦИ'ННИЯ** *ж. бот.* цинния (*кооздук өсүмдүгүнүн бир түрү*).

**ЦИНО'ВКА** *ж.* бойро сыяктуу сокмо нерсе.

**ЦИРК** *м.* цирк.

**ЦИРКА'Ч** *м. разг.* циркач (*цирк артисти*).

**ЦИРКА'ЧКА** *женск. р. к* **циркáч.**

**ЦИРКОВО'Й,** -áя, -óе **цирк**-*ке т.*; цирктик; **цирковóй артúст** цирк артисти.

**ЦИРКУЛИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. айлануу (*мис. денедеги кан*); 2. *перен.* таралуу (*мис. аңырт, ушак*).

**ЦИ'РКУЛЬ** *м.* циркуль (*эки жаактуу, башы бириккен, тегерек сызык сызуу жана өлчөө үчүн колдонулуучу аспап*).

**ЦИ'РКУЛЬНЫЙ,** -ая, -ое 1. **циркуль**-*ге т.*; 2. (*имеющий форму круга*) тегерек; **цúркульный зал** тегерек зал.

**ЦИРКУЛЯ'Р** *м. офиц.* циркуляр (*бир нече мекеме же кишиге жиберилген буйрук*).

**ЦИРКУЛЯ'РНЫЙ,** -ая, -ое **циркуляр**-*га т.*; циркулярдык; **циркуля́рное распоряжéние** циркулярдык буйрук.

**ЦИРКУЛЯ'ЦИЯ** *ж.* циркуляция, айлануу; **циркуля́ция крóви** кандын айланышы (жүгүрүшү).

**ЦИРЮ'ЛЬНИК** *м. уст.* чачтарач; *см.* **парикмáхер.**

**ЦИРЮ'ЛЬНЯ** *ж. уст.* чачтарач; *см.* **парикмáхерская.**

**ЦИСТЕ'РНА** *ж.* цистерна (1. *суу, нефть, керосин, бензин өңдүү суюктуктар сакталуучу чоң металл идиш;* 2. *суюктуктар ташылуучу автомобиль, вагон;* 3. *суу сиңирбей турган нерсе менен шыбалган жердеги суу сактагыч*).

**ЦИТАДЕ'ЛЬ** *ж.* 1. (*городская крепость*) цитадель (*шаар ичиндеги чеп, сепил*); 2. *перен.* (*твердыня, оплот*) цитадель, таяныч, коргон.

**ЦИТА'ТА** *ж.* цитата (*бир чыгармадан өзгөртпөй алынган үзүндү*).

**ЦИТВА'РНЫЙ,** -ая, -ое: **цитвáрная полы́нь** *бот.* дермене (*эрмендин бир түрү*); **цитвáрное сéмя** дермененин уругу (*ичтеги курттү түшүрүүчү дары*).

**ЦИТИ'РОВАНИЕ** *ср.* цитаттоо, цитата келтирүү, цитата алуу.

**ЦИТИ'РОВАТЬ** *несов. кого-что* цитаттоо, цитата келтирүү, цитата алуу; **цитúровать клáссиков** классиктерден цитата алуу.

**ЦИТОЛО'ГИЯ** *ж. биол.* цитология (*жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн клеткаларынын түзүлүшүн жана жашоосун текшерүүчү илим*).

**ЦИ'ТРА** *ж. муз.* цитра (*металл кыл тагылган куту сыяктуу музыка куралы; бул курал чертилип ойнолот*).

**ЦИТРУ́СОВО'Д** *м.* цитрус өстүрүүчү.

**ЦИ'ТРУСОВЫЕ** *мн.* (*ед.* **цúтрусовое** *ср.*) *бот.* цитрус сымал өсүмдүктөр (*лимон, апельсин, мандарин ж. б. сыяктуу өсүмдүктөр*).

**ЦИ'ТРУСЫ** *мн.* (*ед.* **цúтрус** *м.*) *бот.* цитрус (*лимон, апельсин, мандарин ж. б. сыяктуу өсүмдүктөр*).

**ЦИФЕРБЛА'Т** *м.* циферблат (*сааттын, өлчөө аспаптардын бетиндеги стрелка жүрүп туруучу, цифра жазылган пластинка*).

**ЦИ'ФРА** *ж.* цифра (*сыйпыр*); **арáбские цúфры** араб цифралары (1, 2, 3 *ж. б.*); **рúмские цúфры** рим цифралары (I, II, III *ж. б.*).

**ЦИФРОВО'Й,** -áя, -óе **цифра**-*га т.*; цифралык; **цифровы́е дáнные** цифралык маалыматтар.

**ЦИ'ЦЕРО** *ср. нескл. полигр.* цицеро (*чоңдугу 12 пункттуу типография шрифтиси*).

**ЦК** (Центрáльный Комитéт) БК (Борбордук Комитет).

**ЦК КПСС** (Центрáльный Комитéт Коммунистúческой пáртии Совéтского Сою́за) КПСС БК (Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети).

**ЦО'КАТЬ** *несов.* түрсүлдөө, түрсүлдөтүү, тарсылдоо, тарсылдатуу (*мис. аттын такалуу туягы таш жолдо*).

**ЦО'КНУТЬ** *однокр. см.* **цóкать.**

**ЦО'КОЛЬ** *м. архит.* цоколь (*кирпич үйлөрдүн калың түбү*).

**ЦО'КОЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **цоколь**-*го т.*; **цóкольный этáж** цоколь бийиктигиндеги кабат.

**ЦУ'ГОМ** *нареч. уст.* эки-экиден чубата чегип; **упря́жка цу́гом** чубата экиден чегилген ат.

**ЦУКА'Т** *м.* цукат (*кантка чыланган жемиш*).

**ЦУКА'ТНЫЙ,** -ая, -ое **цукат**-*ка т.*; **цукáтные конфéты** цукат конфета.

**ЦЫГА'Н** *м.* сыган, цыган.

**ЦЫГА'НЕ** *мн.* сыгандар, цыгандар.

**ЦЫГА'НКА** *женск. р. к* **цыгáн;** цыганка.

**ЦЫГА'НСКИЙ,** -ая, -ое **цыган**-*га т.*; **цыгáнские пéсни** цыган ырлары.

**ЦЫ'КАТЬ** *несов. см.* **цы́кнуть.**

**ЦЫ'КНУТЬ** *однокр. прост.* кагып, унчуктурбай салуу; «шук!», «кой!» деп тыйып салуу.

**ЦЫ'ПКИ** *мн. разг.* кычы (*буту-колду басуучу кычы*).

**ЦЫПЛЁНОК** *м.* (*мн.* **цыпля́та**) чөжө (*тооктун балапаны*); ◇ **цыпля́т по óсени считáют** *посл.* малдын төлүн күзүндө сана.

**ЦЫ'ПОЧКИ** *мн.*: **ходúть на цы́почках** буттун учу менен басуу; **встать на цы́почки** буттун учу менен туруу.

**ЦЫП-ЦЫ'П** *межд.* чыйп-чыйп, түү-түү (*тооктордү, чөжөлөрдү чакырганда*).

**ЦЫЦ** *межд.* чүш-ш, чыш-ш; токто; **цыц, молчú!** чүш-ш, унчукпа!

# Ч

**ЧАБА'Н** *м.* койчу, чабан.

**ЧАБЁР** *м. бот.* жапалак көкөмерен.

**ЧАБРЕ'Ц** *м. см.* **чабёр.**

**ЧА'ВКАНЬЕ** *ср.* чалпылдатып жеш, чалп-чалп эттирип чайноо.

**ЧА'ВКАТЬ** *несов.* шалпылдатып (чалпылдатып) жеш.

**ЧА'ВКНУТЬ** *однокр.* бир эле жолу шалпылдатып (чалпылдатып) коюу.

**ЧАД** *м.* 1. (*угар*) коңурсуган (каңырсыган) жыт, ис (*мис. күйгөн майдын*); **кýхонный чад** кухнянын каңырсыган жыты; 2. *перен.* (*дурман*) башты маң кылуучу, эстен адаштыруучу нерсе; **он как в чаду́** анын башы маң болуп, эч нерсени сезбей калды.

**ЧАДИ'ТЬ** *несов.* каңырсуу, каңырсытып түтөтүү, бықшытып түтөтүү (*мис. күйгөн май*); **из кýхни чадúт** *безл.* кухнядан каңырсып жыттанып жатат.

**ЧА'ДНО** *в знач. сказ.* каңырсып турат; **в избé бы́ло чáдно** үйдүн ичи каңырсып турду.

**ЧА'ДНЫЙ,** -ая, -ое каңырсык, каңырсыган (*мис. күйгөн майдын жыты*).

**ЧА'ДО** *ср. уст.* бала; **со всéми чáдами и домочáдцами** *шутл.* бардык бала-бакырасы жана үй-бүлөсү менен.

**ЧАДОЛЮБИ'ВЫЙ,** -ая, -ое *уст.* баласаак; **чадолюбúвый отéц** баласаак ата.

**ЧАДРА'** *ж.* чүмбөт.

**ЧАЁВНИК** *м. разг.* чайчыл, чайкорок.

**ЧАЁВНИЧАТЬ** *несов. разг.* чай ичип эле отуруп алуу.

www.bizdin.kg

**ЧАЕВО'Д** *м.* чай өстүрүүчү (*чай өстүрүүчү специалист*).

**ЧАЕВО'ДЧЕСКИЙ,** -ая, -ое чай өстүрүүчү, чай өстүргүч; **чаевóдческий колхóз** чай өстүрүүчү колхоз.

**ЧАЕВЫ'Е** *только мн. уст.* чайпул (*«чай ичип кой» деп, бериле турган акча*).

**ЧАЕПИ'ТИЕ** *ср. разг.* чай ичүү.

**ЧАЕРАЗВЕ'СОЧНЫЙ,** -ая, -ое чайды таразалап өлчөөчү; **чаеразвéсочный цех** чайды таразалап өлчөөчү цех.

**ЧАЕТОРГО'ВЛЯ** *ж.* чай соодасы, чай сатуу.

**ЧАЕУБО'РОЧНЫЙ,** -ая, -ое чай жыйнагыч, чай тергич, чай жалбырагын жыйноочу; **чаеубóрочная машúна** чай жалбырагын жыйноочу машина.

**чажу́, чади́шь** *и т. д. наст. вр. от* **чади́ть.**

**ЧАИ'НКА** *ж.* бир бүдүр чай.

**ЧАЙ** I *м.* **1.** чай; **китáйский чай** кытай чай, кытай чайы; **цветóчный чай** гүл чайы; **зелёный чай** көк чай; **кирпи́чный чай** такта чай, таш чай, сүмбө чай; **крéпкий чай** коюу чай, коюу чыккан кызыл чай; **завари́ть чай** чайды демдөө, чай салуу; **стака́н ча́ю** бир стакан чай; **2.** (*чаепитие*) чай ичүү, чай убагы; **во врéмя ча́я** чай ичип жатканда, чай убактысында; ◇ **пригласи́ть на ча́шку ча́я** бир чыны чайга чакырып коюу, конокко чакыруу; **дать на чай** *уст.* чайпул берүү.

**ЧАЙ** II *частица прост.* (*вероятно*) балким, болгондо, болду-болбоду; **он, чай, проголода́лся** ал, балким, ачка болгондур; **с дорóги, чай, он уста́л** ал, балким, жол жүрүп чарчагандыр.

**ЧА'ЙКА** *ж.* ак чардак; **морска́я ча́йка** деңиз ак чардагы.

**ЧА'ЙНАЯ** *ж.* чайкана.

**ЧА'ЙНИК** *м.* ак чайнек.

**ЧА'ЙНИЦА** *ж.* чай салгыч, чай соот.

**ЧА'ЙНЫЙ,** -ая, -ое **чай**-*га т.*; **ча́йная планта́ция** чай плантациясы; **ча́йный магази́н** чай магазини; **ча́йная лóжка** чай кашык, бал кашык; **ча́йный сервúз** чай сервизи (*чай ичүүгө керектүү болгон идиш-аяктын тобу*); ◇ **ча́йная рóза** чай розасы (*роза гүлүнүн бир түрү*); **чéрез час по ча́йной лóжке** *погов.* аз-аздан, өтө жай.

**ЧАЙХАНА'** *ж.* чайхана.

**ЧА'ЛКА** *ж. мор.* чалка (*кемени, пароходду жээкке байлап коё турган абдан жоон аркан*).

**ЧАЛМА'** *ж.* селде.

**ЧА'ЛЫЙ,** -ая, -ое буурул (*аттын түсү*); **ча́лый мéрин** буурул ат.

**ЧАН** *м.* чан (*жыгачтан же металлдан жасалган чоң челек, чоң бочка*); **пивова́ренный чан** пиво ачыткыч чан.

**ЧА'РА** *ж. уст. поэт. см.* **ча́рка.**

**ЧАРДА'Ш** *м.* чардаш (*венгрлердин улуттук бийи жана ал бийдин ритмасындагы музыкалык пьеса*).

**ЧА'РКА** *ж.* чарка (*вино куюлуп, ичилүүчү стакан сыяктуу кичине идиш*); **ча́рка вина́** бир чарка вино.

**ЧАРОВА'ТЬ** *несов. кого-что* **1.** *уст.* (*колдовать*) сыйкырдоо, көз байлоо; **2.** *перен.* (*пленять, обольщать*) сыйкырдоо, өзүнө сыйкырдагандай тартуу, өтө кызыктыруу, суктантуу; **очарова́ть своúм гóлосом** өзүнүн жакшы үнү менен кызыктыруу.

**ЧАРОВНИ'К** *м. уст.* эң сүйкүмдүү, жылдыздуу, суктандыргыч киши.

**ЧАРОВНИ'ЦА** *женск. р. к* **чаровни́к.**

**ЧАРОДЕ'Й** *м.* **1.** *уст.* (*волшебник, колдун*) сыйкырчы, арбоочу; **2.** *перен.* арбагандай өзүнө тартуучу; **поэ́т-чародéй** арбагандай таасир кылуучу акын.

**ЧАРОДЕ'ЙКА** *женск. р. к* **чародéй.**

**ЧАРОДЕ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **чародей**-*ге т.*

**ЧАРОДЕ'ЙСТВО** *ср. уст.* **1.** (*волшебство, колдовство*) сыйкырчылык, сыйкырдык; **2.** *перен.* (*чары, обаяние*) өзүнө сыйкырдагандай тартуучулук, өтө кызыктыруучулук.

**ЧАРУ'ЮЩИЙ,** -ая, -ее **1.** *прич. от* **чарова́ть; 2.** *прил.* суктандыруучу, кумардантуучу; **чару́ющая улы́бка** суктандыруучу, кызыктыруучу жылмаюу.

**ЧА'РЫ** *только мн.* **1.** *уст.* (*колдовство*) сыйкыр, көз байлоо, **2.** *перен.* (*обаяние, очарование*) суктандыруу, сыйкырдоо.

**ЧАС** *м.* **1.** (*отрезок времени*) саат; **полтора́ часа́** бир жарым саат; **опозда́ть на час** бир саатка кечигүү; **éхать со скóростью сто киломéтров в час** ар саатына жүз километр ылдамдык менен жүрүү; **двена́дцать часóв** саат он эки; **двена́дцать часóв нóчи** түнкү саат он эки; **два часа́ дня** күндүзгү саат эки; **час дня** күндүзгү саат бир; **в час нóчи** түнкү саат бирде; **в три часа́ утра́** эртең менен саат үчтө; **котóрый час?** саат нече?; **2.** (*время, пора*) саат, убакыт, мезгил, маал (*бир нерсеге арналган убакыт*); **приёмные часы́** кабыл алуу сааты; **служéбные часы́** кызмат убактысы; **час обéда** түшкү тамак же обед ичүү убагы, обед маалы; **час óтдыха** дем алуу сааты (убагы); **академи́ческий час** окуу сааты, академиялык саат; **вечéрний час** кечки маал, кечки убакыт; ◇ **с ча́су на час** мына эми, азыр эле (*келет, болот*); **час óт часу не лéгче** *разг.* оңолот десе, кайта ойрону чыга берет экен (*улам кырсык баса берет экен*); **би́тый час** *разг.* толук бир саат, бүт бир саат; **неровён час** *разг.* не бар, не жок (*эмне болуп кетерин ким билсин*); **в дóбрый час** жол болсун, иш оңолсун, кайырдуу болсун; **стоя́ть на часа́х** кароолдо туруу, часовой болуп туруу; **расти́ не по дня́м, а по часа́м** *разг.* күн сайын эмес, саат сайын өсүү; абдан бат өсүү; **прóбил час** *кого-чего-л.* *бирөөнүн же эмненindir* акыркы мезгили келип жетти; жок болор, жоюлар убакты келип жетти.

**ЧАСО'ВНЯ** *ж.* кичинекей чиркөө.

**ЧАСОВО'Й** I, -а́я, -óе **1. часы**-*га т.*; **часовóй механи́зм** саат механизми; **часова́я стрéлка** сааттын стрелкасы; **часовóй магази́н** саат магазини; **2. час** 1-*ге т.*; сааттык; **часовóй гра́фик** саат графиги; **часова́я опла́та** саатка карай төлөө; **часова́я бесéда** бир сааттык аңгеме.

**ЧАСОВО'Й** II *м.* часовой (*кароолчу, сакчы, күзөтчү*); **смéна часовы́х** часовойлорду алмаштыруу; **поста́вить часовóго** часовойду коюу.

**ЧАСОВЩИ'К** *м.* саатчы, саат устасы.

**ЧАСО'К** *м. разг.* аз гана убакыт; **зайти́ на часóк** бир аз гана убакытка кире кетүү.

**ЧАСТЕ'НЬКО** *нареч. разг.* жыш, улам-улам, тез-тез, бат-бат; **он частéнько к нам захóдит** ал биздикине жыш келип турат, ал биздикине улам-улам келип турат.

**ЧАСТИ'ЦА** *ж.* **1.** (*небольшая доля*) бөлүкчө; **части́ца веществá** заттын бөлүкчөсү; **2.** *перен.* (*небольшое количество чего-л.*) кичинекей, бир аз; **3.** *грам.* (*служебное слово*) частица (*жанаша турган сөздүн же бүтүн бир сүйлөмдүн маанисин күчөтүү же кемитүү үчүн колдонулуучу «го», «эле» өңдүү жардамчы сөз*).

**ЧАСТИ'ЧКА** *ж. уменьш.-ласк. к* **частица** 1, 2; бөлүкчө, кичинекей, бир аз гана.

**ЧАСТИ'ЧНО** *нареч.* жарым-жартылай, аз-аздап, анча-мынча, бир аз, толук эмес; **рабóта части́чно ужé выпóлнена** иш жарым-жартылай иштелип калды.

**ЧАСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое жарым-жартылай, аз-аздап, анча-мынча, бир аз, толук эмес; **части́чная мобилизáция** анча-мынча мобилизация, толук эмес мобилизация, **части́чное затмéние** *астр.* жарым-жартылай тутулуу, толук эмес тутулуу (*ай, күн*).

**ЧА'СТНИК** *м. разг. уст.* частник (*жекече соодагер, жеке иш орду ээси*).

**ЧАСТНОВЛАДЕ'ЛЬЧЕСКИЙ,** -ая, -ое жеке кишинин менчигиндеги, жеке менчиктүү; **частновладéльческий капитáл** жеке менчиктүү капитал.

**ЧА'СТНОЕ** *ср. мат.* тийинди.

**ЧАСТНОКАПИТАЛИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое жеке капиталисттик; **частнокапиталисти́ческое предприя́тие** жеке капиталисттик ишкана.

www.bizdin.kg

*алуучуга кассадан берилген чек*); **платить по чеку** чек менен төлөө (*чек боюнча төлөө*).

**ЧЕКА'** I *ж. тех.* чека (*дөңгөлөктү ж. б. огунан чыгарбай кармоочу, окко сайылган шиш*).

**ЧЕКА'** II *ж. нескл. ист.* (Чрезвычайная комиссия по борьбе с контрреволюцией, саботажем и спекуляцией) Чека (Контрреволюцияга, спекуляцияга жана саботажга каршы күрөшүүчү чрезвычайная комиссия).

**ЧЕКА'Н** *м.* чекан (1. *металлдан жасалган нерселердин — монеталардын, медалдардын ж. б. бетине сүрөттөрдү чуңкурайтып басуу үчүн колдонулуучу штемпель*; 2. *металлдын бетине согуп сүрөт түшүргүч курал*).

**ЧЕКА'НИТЬ** *несов. что* 1. согуу, согуп чыгаруу, согуп сүрөт түшүрүү (*бетине чуңкурайтып согуп сүрөт түшүрүп, металлдан ар түрдүү кооз нерселер чыгаруу*); **чеканить медали** медаль согуу; 2. *перен.* тактап айтуу, ачык айтуу, ачык так айтуу; чаташтырбай, так иштөө; **чеканить слова** сөздү ачык, так айтуу; **чеканить шаг** чаташтырбай так арыштоо; 3. *с.-х.* чеканкалоо (*тез өсүп жетилиши үчүн өсүмдүктөрдүн эң үстүңкү бутактарын кесип коюу*); **чеканить хлопок** пахтаны чеканкалоо; **чеканить виноград** жүзүмдү чеканкалоо.

**ЧЕКА'НКА** *ж.* 1. согуу, согуп чыгаруу, тыйын согуу, согуп сүрөт түшүрүү; **чеканка монеты** монета согуп чыгаруу; 2. *с.-х.* чеканка, чеканкалоо; **чеканка хлопка** пахтанын чеканкасы, пахтаны чеканкалоо; 3. (*узор на металле*) сүрөт, оюу (*металлдан жасалган нерселердин бетине оюлган сүрөт*); **ружьё с золотой чеканкой** алтын оймолуу мылтык.

**ЧЕКА'ННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*изготовленный чеканкой*) согулуп жасалган (*металл буюм*); 2. *перен.* (*ясный, отчётливый*) ачык, так, айкын; **чеканный стиль** айкын-ачык стиль.

**ЧЕКА'НЩИК** *м.* чеканщик (*чеканкалоочу жумушчу*).

**ЧЕКИ'СТ** *м.* чекист (*чеканин кызматчысы; см.* **чека** II).

**ЧЕКМЕ'НЬ** *м.* чепкен (*кийим*).

**ЧЕ'КОВЫЙ,** -ая, -ое **чек**-*ке т.*; **чековая книжка** чек книжкасы.

**ЧЁЛКА** *ж.* 1. (*у лошади*) көкүл; 2. (*причёска*) көкүл; **носить чёлку** көкүл коюу.

**ЧЁЛН** *м.* кайык (*жыгачты оюп жасалган кичине кайык*).

**ЧЕЛНО'К** I *м.* (*лодка*) кичине кайык.

**ЧЕЛНО'К** II *м.* (*ткацкий, швейной машины*) челнок (*токуу станогунун же тигүү машинасынын жип түрүлгүчү*).

**ЧЕЛО'** I *ср. поэт.* маңдай, чеке; ◇ **бить челом** *кому-л. уст.* бирөөгө баш урунуу, дат айтуу, арыз айтуу, эмне жөнүндөдүр сурануу (өтүнүү, изденүү).

**ЧЕЛО'** II *ср. обл.* (*печи*) ооз (*орус мешинин оозу; ошондой эле металл эрите турган печтердин от жага турган оозу*).

**ЧЕЛОБИ'ТНАЯ** *ж. ист.* даттанган арыз, тиленүү арызы (*Байыркы Русташы жазма өтүнүч арыз*).

**ЧЕЛОБИ'ТЧИК** *м. ист.* даттануучу, тиленүүчү, арыздануучу, суронуучу (*суронуу, даттануу кагазын берүүчү киши*).

**ЧЕЛОВЕ'К** *м.* (*мн.* **люди**) киши, адам; ◇ **молодой человек** (*обращение*) жигит (*жаш жигитке карата айтылуучу сөз*).

**ЧЕЛОВЕ'КО-ДЕ'НЬ** *м.* адам күнү (*жумушту эсептөөнүн единицасы; бул — бир жумуш күнүндө бир адамдын иштеген жумушуна барабар*).

**ЧЕЛОВЕКОЛЮБИ'ВЫЙ,** -ая, -ое адамды сүйүүчү, кишини жакшы көрүүчү, адамгерчиликтүү.

**ЧЕЛОВЕКОЛЮ'БИЕ** *ср.* адамды сүйүү, кишини жакшы көрүү, адамгерчилик.

**ЧЕЛОВЕКОНЕНАВИ'СТНИК** *м.* кишини (адамды) жек көрүүчү.

**ЧЕЛОВЕКОНЕНАВИ'СТНИЧЕСКИЙ,** -ая, -ое кишини (адамзатты) жек көрүүчүлүк, кишини (адамды) жек көргөн.

**ЧЕЛОВЕКОНЕНАВИ'СТНИЧЕСТВО** *ср.* кишини (адамды) жек көрүүчүлүк.

**ЧЕЛОВЕКООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое адам турпаттуу, адамга окшош; **человекообразная обезьяна** адамга окшош маймыл.

**ЧЕЛОВЕ'ЧЕСКИ** *нареч.* адамча, адамгерчилик кылып, адамгерчилик менен; **по-человечески** адамгерчилик менен.

**ЧЕЛОВЕ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **человек**-*ке т.*; **человеческий род** адам баласы, адамзат; 2. (*гуманный, человечный*) адамгерчиликтүү, кишиликтүү; **человеческое обращение** адамгерчиликтүү мамиле.

**ЧЕЛОВЕ'ЧЕСТВО** *ср.* адам баласы, бардык адам баласы, адамзат; **передовое и прогрессивное человечество** алдыңкы жана прогрессивдүү адам баласы.

**ЧЕЛОВЕ'ЧИЙ,** -ья, -ье *разг.* **человек**-*ке т.*

**ЧЕЛОВЕ'ЧНОСТЬ** *ж.* адамгерчилик, кишилик, адамгерчиликтүүлүк.

**ЧЕЛОВЕ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое адамгерчиликтүү, кишиликтүү; **человечное отношение** адамгерчиликтүү мамиле.

**ЩЕ'ПО'ТЬ** *ж.* чымчым.

**ЩЕПЯНО'Й,** -áя, -óе *см.* **щепнóй.**

**ЩЕРБА'ТЫЙ,** -ая, -ое 1. (*шероховатый, неровный*) кетиктүү, идирек кетиктүү (*бир нерсенин мизи*); 2. (*рябой*) бодурайган, чаар (*бет*); 3. (*без зуба*) тиши кетик, кетик тиш.

**ЩЕРБИ'НА** *ж.* 1. (*зазубрина, неровность*) идирек кетик (*бир нерсенин мизиндеги*); 2. (*рябинка*) чаар, беттин чаары.

**ЩЕ'РИТЬ** *несов. что* 1. *прост.* (*скалить*) арсыйтуу, ыржыйтуу; **щéрить зýбы** тишин арсыйтуу; 2. *обл.* (*топорщить*) үрпөйтүү; **щéрить шерсть** жүнүн үрпөйтүү.

**ЩЕ'РИТЬСЯ** *несов.* 1. *прост.* (*скалиться*) арсыйтуу (*тишти*); 2. *обл.* (*топорщить шерсть*) үрпөйтүү (*жүндү*).

**ЩЕТИ'НА** *ж.* 1. кыл, жоон кыл; **свинáя щети́на** чочконун кылы; 2. *перен. разг.* катуу чач, катуу кыл; **вóлосы щети́ной** катуу чач.

**ЩЕТИ'НИСТЫЙ,** -ая, -ое *обл.* кылдуу, кыл сыяктуу катуу; **щети́нистая бородá** катуу сакал.

**ЩЕТИ'НИТЬСЯ** *несов.* 1. (*топорщить шерсть*) үрпөйүү, үрпөйтүү, тик туруу; 2. *перен. разг.* үрпөңдөө, ачуулануу.

**ЩЕТИ'ННЫЙ,** -ая, -ое **щетина** 1-*ге т.*

**ЩЕТИНООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое кыл сыяктуу, кылга окшогон.

**ЩЁТКА** *ж.* 1. щётка; **зубнáя щётка** тиш щёткасы; 2. (*у лошади*) аттын бутунун бакайы менен чачысы; 3. *тех.* щётка (*динамо-машинанын айланып турган бөлүгүнөн токту былк эппеген бөлүгүнө өткөрүүчү чачы сыяктуу нерсе*).

**ЩЁТОЧНЫЙ,** -ая, -ое **щётка** 1-*ге т.*; **щёточное произвóдство** щётка өндүрүшү.

**ЩЁЧНЫЙ,** -ая, -ое **щека**-*га т.*; **щёчные мы́шцы** жаак булчуңдары.

**ЩИ** *только мн.* щи (*капуста кошуп жасалган сорпо*); **ки́слые щи** кычкыл щи (*туздалган капуста кошуп жасалган щи*); **лени́вые щи** жаңы капустадан жасалган щи, жаш капуста щиси; **зелёные щи** жашыл щи, ат кулак кошуп жасалган щи.

**ЩИ'КОЛОТКА** *ж.* кызыл ашык томугу.

**ЩИПА'ТЬ** *несов.* 1. *кого-что* чымчуу, чымчылоо, тызылдатуу, чымылдатуу; 2. *что* (*траву — о животных*) тиштеп (жулкуп) үзүү; 3. *что* (*раздёргивать, пушить*) тытуу (*мис. жүндү*); 4. *что* (*вызывать боль, жжение*) тызылдатуу, ачыштыруу (*напр. о морозе, лекарстве*); тыз дедирүү (*напр. о перце*); чагуу (*напр. о крапиве*); 5. *что* (*выдёргивать перья*) жулуу (*мис. куштун жүнүн*).

**ЩИПА'ТЬСЯ** *несов. разг.* 1. (*щипать друг друга*) чымчышуу, чымчылашуу; 2. *страд. к* **щипáть.**

**ЩИПКО'ВЫЙ,** -ая, -ое *муз.* чертме (*мис. комуз, мандолина*).

**ЩИПКО'М** *нареч. муз.* чертип; **игрáть на скри́пке щипкóм** скрипканын кылын бармак менен чертип ойноо.

**ЩИПНУ'ТЬ** *однокр.* чымчып алуу.

**ЩИПО'К** *м.* чымчуу.

**ЩИПЦЫ'** *только мн.* кычкач, кыпчуур, ат тиш, чымчуур.

**ЩИ'ПЧИКИ** *только мн. уменьш. от* **щипцы́** кичинекей кычкач, кыпчуур, чымчуур, искек.

**ЩИТ** *м.* 1. *ист. воен.* калкан; 2. *воен.* калкан, тосмо (*замбирек, пулемёттун октон коргоочу болот калканы*); 3. тосмо (*темир жолду бойлото тактайдан жасалган кар тоскуч*); 4. *тех.* щит (*электр системаларын контролдоочу, өлчөөчү приборлор кадалган тактай*); 5. щит (*суу тоскуч*); **шлю́зный щит** шлюз щити; 6. *зоол.* калкан, кабык (*ташбаканын кабыгы*); 7. щит (*көрсөтмө коюлуучу тактай*); ◇ **поднимáть на щит** зоболосун көтөрүү, атагын чыгаруу.

**ЩИТОВИ'ДНЫЙ,** -ая, -ое: **щитови́дный хрящ** *анат.* калкан сыяктуу кемирчек; **щитови́дная железá** *анат.* калкан без (*кекиртектеги*).

**ЩИТО'К** *м.* 1. *уменьш. от* **щит** 1, 2, 5, 6; калканча (*кичинекей калкан*); 2. *уменьш. от* **щит** 3; тосмо; 3. (*у жука*) кабык (*коңуздун кабы*); 4. *бот.* калканча, чогуу гүл, топ баш гүл.

**ЩИТООБРА'ЗНЫЙ,** -ая, -ое калкан сыяктуу, калканга окшогон.

**ЩУ'КА** *ж.* чортон (*тузсуз суудагы жырткыч балык*).

www.bizdin.kg

**ЩУП** *м. тех.* щуп (*жер грунтун, жыгачты ж. б. изилдөө үчүн колдонулуучу бургу сыяктуу аспап*).

**ЩУ'ПАЛЬЦЕ** *ср.* (*мн.* **щу́пальца**) мурут (*кибир жаныбарлардын айланасындагы нерселерди сезгич, кармалагыч мүчөсү*).

**ЩУ'ПАТЬ** *несов. кого-что* **1.** кармоо (*билүү үчүн*), сыйпалап көрүү, кайсалап көрүү; **щу́пать пульс** тамырды кармоо; **2.** *перен.* жибин тартуу, чегин суроо, билүү, байкаштырып көрүү, тамырын тартуу.

**ЩУ'ПЛЫЙ,** -ая, -ое *разг.* ырбыйган, бүрбүйгөн, чүрүшкөн; **щу́плый челове́к** чүрүшкөн арык киши.

**ЩУР** *м. зоол.* көк соору (*чымчыктын бир түрү*).

**ЩУ'РИТЬ** *несов. что* жүлжүйтүү, үлүрөйтүү; **щу́рить глаза́** көз жүлжүйтүү.

**ЩУ'РИТЬСЯ** *несов.* жүлжүйүү, көз жүлжүйтүү; **щу́риться от со́лнца** күндөн көзүн жүлжүйтүү.

**ЩУ'ЧИЙ,** -ья, -ье **щука**-*га т.*; ◇ **по щу́чьему веле́нью** сыйкыр менен, кайыптан табылып.

# Э

**Э** *межд.* ээ, ээй, оой; **э, да э́то ты!** ээй, бул сен белең!, апей, бул сен белең!; **э, нет, уж э́того я не допущу́** ээ, жок, мен буга жол бербейм; **э, пойду́, что бы там ни́ было** ээ, эмне болсо, ошо болсун, барамын.

**ЭБЕ'НОВЫЙ,** -ая, -ое: **эбе́новое де́рево** *бот.* эбен жыгачы (*тропиктик жакта өсүүчү жыгачтын бир түрү; бул — өтө чымыр болуп, мебель, таяк, музыка куралдарын жасоого жумшала турган кымбаттуу жыгач*).

**ЭБОНИ'Т** *м.* эбонит (*каучукту вулканизация кылуу жолу менен табылуучу, катуу жылтырак кара материал*).

**ЭБОНИ'ТОВЫЙ,** -ая, -ое **эбонит**-*ке т.*; **эбони́товая пря́жка** эбониттен жасалган тогоо.

**ЭВАКОПУ'НКТ** *м.* (эвакуацио́нный пункт) эвакопункт (эвакуациялык пункт).

**ЭВАКУАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **эвакуация**-*га т.*; эвакуациялык; **эвакуацио́нный го́спиталь** эвакуациялык госпиталь (*жарадар болгон адамдарды кабыл алып, тылга жибериле турган госпиталь*).

**ЭВАКУА'ЦИЯ** *ж.* эвакуация, эвакуация кылуу, эвакуациялоо (*душман кол сала турган жерден же стихиялык бүлгүн коркунучунда болгон жерден кишилерди жана ишканаларды уюшкан түрдө башка жерге алып баруу жана да согуш болуп жаткан жерден жарадар болгондорду, түшкөн трофейлерди тылга алып кетүү*).

**ЭВАКУИ'РОВАННЫЙ,** -ая, -ое **1.** *прич. от* **эвакуи́ровать;** **2.** *прил.* эвакуацияланган, эвакуация кылынган; **эвакуи́рованный заво́д** эвакуацияланган завод; **3.** *в знач. сущ. м.* эвакуацияланган, эвакуацияланып келген.

**ЭВАКУИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* эвакуациялоо, эвакуация кылуу.

**ЭВАКУИ'РОВАТЬСЯ** **1.** *сов. и несов.* эвакуациялануу, эвакуация кылынуу; **2.** *несов. страд. к* **эвакуи́ровать.**

**ЭВЕ'Н** *м.* эвен.

**ЭВЕ'НК** *м.* эвенк.

**ЭВЕ'НКА** *женск. р. к* **эве́н;** эвенка.

**ЭВЕ'НКИ** *мн.* эвенкилер.

**ЭВЕНКИ'ЙКА** *женск. р. к* **эве́нк;** эвенкийка.

**ЭВЕНКИ'ЙСКИЙ,** -ая, -ое **эвенк**-*ке т.*; **эвенки́йский язы́к** эвенк тили.

**ЭВЕ'НСКИЙ,** -ая, -ое **эвен**-*ге т.*; **эве́нский язы́к** эвен тили.

**ЭВЕНТУА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое тийиштүү кырдаалдарда, ыгы келип калганда мүмкүн болуучу.

**ЭВЕ'НЫ** *мн.* эвендер.

**ЭВКАЛИ'ПТ** *м.* эвкалипт (*туштукто өсүүчү эбегейсиз чоң жыгачтын бир түрү*).

**ЭВКАЛИ'ПТОВЫЙ,** -ая, -ое **эвкалипт**-*ке т.*; **эвкали́птовое ма́сло** эвкалипт майы.

**ЭВОЛЮЦИОНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов.* эволюциялануу (*акырындык менен өсүү, өрчүү, өзгөрүү*).

**ЭВОЛЮЦИОНИ'ЗМ** *м.* эволюционизм (*эволюциялык өрчүү жөнүндөгү илим*).

**ЭВОЛЮЦИОНИ'СТ** *м* эволюциячыл (*эволюционизм окуусун жактоочу киши*).

**ЭВОЛЮЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **эволюция**-*га т.*; эволюциялык; **эволюцио́нная тео́рия** эволюциялык теория; **эволюцио́нный проце́сс** эволюциялык процесс (*акырындык менен өсүү же өзгөрүү процесси*).

**ЭВОЛЮ'ЦИЯ** *ж.* эволюция (**1.** *өрчүп, өзгөрүп бир абалдан экинчи абалга өтүү процесси;* **2.** *филос. сапат жагынан өзгөрбөй, сан жагынан гана өзгөрүп, секириксиз эле өрчүү*).

**Э'ВРИКА** *межд.* таптым (*эсине бир сонун ой түшө калганда: «таптым, таптым» деп сүйүнгөндүктөн айтылуучу сырдык сөз*).

**ЭВРИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое: **эвристи́ческий ме́тод** жетелеме метод (*мугалим окуучуга жетелеме суроо берип, жообун окуучунун өзүнө таптыруу методу*).

**ЭВФЕМИ'ЗМ** *м. лингв.* эвфемизм (*сүйлөөдө одоно, орой сөздүн же сүйлөмдүн ордуна сылык, сыпайыраак сөз же сүйлөм колдонуу; мис. «бооз катын» дегендин ордуна «боюнда бар аял», «калып айтпаңыз» дегендин ордуна «кошпой сүйлөңүз» ж. б.*).

**ЭВФЕМИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **эвфемизм**-*ге т.*; эвфемисттик, эвфемизмдик; **эвфемисти́ческое выраже́ние** эвфемисттик сүйлөм.

**ЭВФОНИ'Я** *ж. лит.* эвфония (**1.** *уккулуктуулук;* **2.** *көркөм адабият чыгармасында — тыбыштардын кооз түзүлүшү, кооз тандалышы*).

**ЭГЕ'** *межд. разг.* муну кара, ушундай экен-ээ; **эге́, ты уже́ пришё́л** сен келип калган экенсиң-ээ; ээ, сен келип калдыңбы.

**ЭГИ'ДА** *ж.*: **под эги́дой** *кого-чего-л.* *бирөөнүн, бир нерсенин* эгидасында (*калкасында, камкордугунда*).

**ЭГОИ'ЗМ** *м.* эгоизм, менменчилик (*керт башынын гана камын ойлоочулук*); **проявля́ть эгои́зм** эгоизм кылуу.

**ЭГОИ'СТ** *м.* эгоист (*керт башынын гана камын ойлоочу*).

**ЭГОИСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **эгоизм**-*ге т.*; эгоисттик, өзүмчүл.

**ЭГОИСТИ'ЧНО** *нареч.* эгоисттик; эгоисттик менен, эгоисттик кылып (*башкаларга керектүүлөрүнө карабастан, өзүнүн керт башынын гана камын ойлоп*); **поступи́ть эгоисти́чно** эгоисттик кылуу.

**ЭГОИСТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* эгоизмге оогандык (*керт башынын гана камын ойлоочулук*).

**ЭГОИСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **эгоисти́ческий.**

**ЭГОИ'СТКА** *женск. р. к* **эгои́ст;** эгоистка.

**ЭГОЦЕНТРИ'ЗМ** *м.* эгоцентризм (*барып турган жекечилдик, «дүйнөнүн борбору мен ганамын» деп кароочулук, ашып кеткен эгоизм*).

**Э'ДАК** *нареч. см.* **э́так.**

**Э'ДАКИЙ,** -ая, -ое *мест. см.* **э́такий.**

**ЭДЕЛЬВЕ'ЙС** *м.* мамыры.

**ЭДЕ'М** *м. рел., поэт.* ыракаттуу жай, ыракаттуу жер, жердеги бейиш.

**ЭДИ'КТ** *м. ист.* эдикт (*жогорку бийликтин жарлыгы, указы*); **короле́вский эди́кт** королдун эдикти.

**ЭЗО'ПОВСКИЙ,** -ая, -ое эзоптук, эзопчулап (*сөздүн чыныгы маанисин жашыруу үчүн бурмалап, жандатып*

www.bizdin.kg

*сүйлөө*); **говори́ть эзо́повским языко́м** эзоптук тил менен сүйлөө.

**ЭЙ** *межд.* эй, ой; **эй, кто там?** эй, ким анда?; ой, ким анда?

**ЭК** *прост.* 1. *частица усил.* ээ, оо; **эк куда́ нас занесло́!** оо, биз кайда келип калдык!; 2. *нареч.* (*вот как*) ай; **эк присп́ичило** ай чыдабай баратат, ай чыдатпай баратат.

**Э'КА** *женск. р. к* **э́кий.**

**ЭКВА'ТОР** *м. геогр., астр.* экватор (*жер шарын же асман сферасын эки бөлөк жарым шарга — түндүк жана түштүк шарга — бөлүүчү, ой менен жүргүзүлүүчү сызык*); **небе́сный эква́тор** асман сферасынын экватору; **пересе́чь эква́тор** экваторду кесип өтүү.

**ЭКВАТОРИА'ЛЬНЫЙ,** -ая, -ое **экватор**-*го т.*; экватордук, **экваториа́льные стра́ны** экватордук өлкөлөр, экватор чөйрөсүндөгү өлкөлөр.

**ЭКВИВАЛЕ'НТ** *м.* 1. эквивалент (*барабар баалуу, бирдей маанилүү, ордуна жүрүүчү, айырбаш болордук, маанисин бердердик*); 2. *эк.* эквивалент (*башка товарлардын кунун, баасын билдирүүчү товар*); **всео́бщий эквивале́нт** жалпы эквивалент; ◇ **механи́ческий эквивале́нт тепла́** *физ.* жылуулуктун механикалык эквиваленти (*иштин бир калорияга барабар болгон единицаларынын саны*).

**ЭКВИВАЛЕ'НТНОСТЬ** *ж.* эквиваленттүүлүк (*барабар баалуулук, бирдей баалуулук, күчү бирдейлик, бирдей мааниде болуучулук*).

**ЭКВИВАЛЕ'НТНЫЙ,** -ая, -ое эквиваленттүү (*барабар баалуу, бирдей баалуу, бирдей маанилүү, бирдей күчтүү*); **эквивале́нтные величи́ны** эквиваленттүү чоңдуктар.

**ЭКВИЛИБРИ'СТ** *м.* эквилибрист (*эквилибристика искусствосуна машыккан цирк артисти*); **эквилибри́ст на про́волоке** сымдан басуучу эквилибрист.

**ЭКВИЛИБРИ'СТИКА** *ж.* эквилибристика (*эң кыйын абалда жыгылбай, өзүнүн тең салмагын сактаган акробаттык искусство, мис. дарчынын аркандан басышы*); **эквилибри́стика на кана́те** тартылган арканда өзүнүн теңдик салмагын сактап басуу; **у́мственная эквилибри́стика** *перен.* эптүүлүк менен ойлоо, ойдун эптүүлүгү.

**ЭКВИЛИБРИ'СТКА** *женск. р. к* **эквилибри́ст.**

**ЭКЗАЛЬТА'ЦИЯ** *ж.* экзальтация (*сезимдин аябай катуу козголушу, желигиши*); **быть (находи́ться) в экзальта́ции** экзальтация абалында болуу.

**ЭКЗАЛЬТИРО'ВАННОСТЬ** *ж.* экзальтацияланғандык, экзальтация таасиринде болгондук.

**ЭКЗАЛЬТИРО'ВАННЫЙ,** -ая, -ое экзальтацияланган, экзальтация таасири менен болгон; **экзальтиро́ванный челове́к** экзальтация таасиринде болгон (сезими козголгон) адам.

**ЭКЗА'МЕН** *м.* экзамен (*сыноо*); **госуда́рственные экза́мены** мамлекеттик экзамендер; **экза́мен на аттеста́т зре́лости** жетилүү жөнүндө аттестат алуу үчүн экзамен берүү; **держа́ть экза́мены в вуз** вузга өтүү үчүн экзамен берүү; **вы́держать экза́мен** экзамендeн өтүү; **провали́ться на экза́мене** *разг.* экзамендeн өтпөй калуу.

**ЭКЗАМЕНА'ТОР** *м.* экзаменатор (*экзамен алуучу киши*).

**ЭКЗАМЕНАЦИО'ННЫЙ,** -ая, -ое **экзамен**-*ге т.*; экзамендик; **экзаменацио́нная се́ссия** экзамендик сессия; **экзаменацио́нная коми́ссия** экзамен комиссиясы.

**ЭКЗАМЕНОВА'ТЬ** *несов. кого* экзамен алуу; **экзаменова́ть студе́нта** студенттен экзамен алуу.

**ЭКЗАМЕНОВА'ТЬСЯ** *несов.* 1. экзамен берүү, экзамен тапшыруу; 2. *страд. к* **экзаменова́ть.**

**ЭКЗАМЕНУ'ЮЩИЙСЯ,** -аяся, -ееся 1. *прич. от* **экзаменова́ться**; 2. *прил.* экзамен берүүчү, экзамен өткөрүүчү, экзамен тапшыруучу; 3. *в знач. сущ. м.* экзамен берген, экзамен өткөргөн, экзамен тапшырган.

**ЭКЗЕКУ'ТОР** *м. уст.* экзекутор (*мекеменин чарбачылык ишинде иштөөчү чиновник*).

**ЭКЗЕКУ'ЦИЯ** *ж. уст.* экзекуция (1. *балак алып жазалоо*; 2. *соттук же административдик өкүмдү аткаруу, мис. өлүм жазасын, балак алуу жазасын*; 3. *көп элди кыйратып жазалоо, мис. революциялык кыймылга катышуучуларды атуу*).

**ЭКЗЕ'МА** *ж. мед.* саргарт, саргарт жара, көз жара.

**ЭКЗЕМПЛЯ'Р** *м.* 1. (*штука*) экземпляр, бир даана; **перепеча́тать ру́копись в двух экземпля́рах** кол жазманы эки экземпляр басуу; 2. (*образец*) үлгү; **ре́дкий экземпля́р цветка́** анда-санда гана учурай турган гүл.

**ЭКЗО'ТИКА** *ж.* экзотика (*алыскы өлкөлөргө таандык болгон өтө эле башкача, өтө эле укмуштуу бир нерсе*).

**ЭКЗОТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое экзотикалык, экзотикалуу (*өтө эле башкача, өтө эле укмуштуу*); **экзоти́ческие расте́ния** экзотикалык өсүмдүктөр (*өтө эле башкача бир өсүмдүк*); **экзоти́ческий костю́м** экзотикалык костюм (*өтө эле укмуштуу костюм*).

**ЭКЗОТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* экзотикалуулук (*өтө эле башкачалык, өтө эле укмуштуулук*).

**ЭКЗОТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **экзоти́ческий.**

**ЭКИВО'КИ** *мн.* (ед. **экиво́к** *м.*) эки маанилүү, эки учтуу сөз, ымдоо; **говори́ть экиво́ками** эки учтуу сүйлөө; **отвеча́й без экиво́ков** эки учтуу кылбай түз жооп бер.

**Э'КИЙ,** -ая, -ое *мест. указ. разг.* экен-ээ, оой; укмуш экен-ээ; кап, атиганай; **э́кий шалу́н** ай, жаткан тентек экен-ээ; **э́ка не́видаль!** оой, андайды көрбөдү дейсиңби!

**ЭКИПА'Ж** *м.* 1. (*лёгкая повозка*) экипаж, жеңил араба; **е́здить в экипа́же** жеңил арабага түшүп жүрүү; 2. (*команда*) экипаж (*кеме, самолёт, танк командасы*); **экипа́ж та́нка** танканын экипажы; **экипа́ж корабля́** кеменин экипажы; **экипа́ж самолёта** самолёттун экипажы.

**ЭКИПИРОВА'ТЬ** *сов. и несов. кого-что* керектүү нерселер менен жабдуу.

**ЭКИПИРО'ВКА** *ж.* 1. (*действие*) керектүү нерселер менен жабдуу; **экипиро́вка призывнико́в** призывниктерди (аскерге чакырылуучуларды) керектүү нерселер менен жабдуу; 2. (*снаряжение, обмундирование*) жарак-жабдык, кийим-кечек; **экипиро́вка для поля́рников** полярниктер үчүн кийим-кечектер.

**ЭКЛАМПСИ'Я** *ж. мед.* эклампсия (*кара басуу; боюнда бар аялдардын талма оорусу*).

**ЭКЛЕКТИ'ЗМ** *м.* эклектизм (*бир-бири менен байланышпаган, ар түрдүү көз караштарды механикалык, принципсиз түрдө бириктирүү*).

**ЭКЛЕ'КТИК** *м.* эклектик (*карама-каршы көз караштарды принципсиз айкалыштыруучу адам*).

**ЭКЛЕ'КТИКА** *ж. см.* **эклекти́зм.**

**ЭКЛЕКТИЦИ'ЗМ** *м. см.* **эклекти́зм.**

**ЭКЛЕКТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **эклектизм**-*ге т.*; эклектикалык; **эклекти́ческое мировоззре́ние** дүйнөгө эклектикалык көз караш.

**ЭКЛЕКТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* эклектиктик (*принципсиз, карама-каршы көз карашчылык*).

**ЭКЛЕКТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **эклекти́ческий.**

**ЭКОЛО'ГИЯ** *ж. биол.* экология (*биологиянын бир бөлүгү; бул—организм менен чөйрөнүн байланышын изилдейт*).

**ЭКОНО'М** *м. уст.* эконом (*мекеменин же айрым кишинин чарбасын башкаруучу киши*).

**ЭКОНОМА'ЙЗЕР** *м. тех.* экономайзер (*түтүн менен бирге чыгып кете турган жылуулукту казан установкасында сууну же абаны ысытуу үчүн пайдалануучу прибор; бул прибор отунду үнөмдөөгө мүмкүндүк берет*).

**ЭКОНОМИ'ЗМ** *м. ист. полит.* экономизм (*19-унчу кылымдын токсонунчу жылдарында орус социал-демократтарынын арасында пайда болгон оппортунисттик агым; кийин бул агымдан меньшевизм келип чыкты*).

**ЭКОНО'МИКА** *ж.* экономика (1. *коомдун чарбачылык түзүлүшү*; 2. *эл чарбасынын айрым тармагы*; 3. *эл чарбасынын айрым тармагын изилдей турган илим*).

www.bizdin.kg

**ЭКОНОМИ'СТ** *м.* **1.** экономист (*экономика маселелери боюнча, эл чарбасы маселеси боюнча специалист*); **инженер-экономист** инженер-экономист; **2.** *ист. полит.* экономист (*экономизмди жактоочу киши*).

**ЭКОНО'МИТЬ** *несов. что* үнөмдөө, үнөмдөп сактоо, үнөмдөп калуу, үнөмдөп пайда арттырып калуу; **экономить горючее** күйүүчү майларды үнөмдөө; **экономить на материалах** материалдарды үнөмдөп калуу.

**ЭКОНОМИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **экономика**-*га т.*; экономикалык; **экономическая политика** экономикалык саясат (*эл чарбачылыгы жөнүндөгү мамлекеттик чаралардын системасы*); **экономическая структура общества** коомдун экономикалык структурасы; **экономическое развитие страны** өлкөнүн экономикалык өнүгүшү; **экономическая география** экономикалык география; **экономический район** экономикалык район.

**ЭКОНОМИ'ЧНОСТЬ** *ж.* пайдалуулук, үнөмдүүлүк.

**ЭКОНОМИ'ЧНЫЙ**, -ая, -ое пайдалуу, үнөм берүүчү.

**ЭКОНО'МИЯ** *ж.* **1.** (*бережливость*) үнөм; үнөмдөө; **режим экономии** үнөмдөөнүн режими; **экономия государственных средств** мамлекеттик каражаттарды үнөмдөө; **2.** (*результат бережливости*) үнөмдөлгөнү (*үнөмдөлгөн нерсенин көлөмү, саны*); **экономия сырья и материалов** сырьёнун жана материалдын үнөмдөлгөнү; **экономия топлива** үнөмдөлгөн отун; **экономия во времени** убакыттын үнөмдөлгөнү; ◇ **политическая экономия** саясий экономия.

**ЭКОНО'МКА** *женск. р. к* **эконом**; экономка (*айрым кишинин үй чарбасын башкаруучу аял*).

**ЭКОНО'МНИЧАТЬ** *несов. разг.* өтө эле үнөмдөө, битирөө, ыгы жок сараңдык кылуу.

**ЭКОНО'МНО** *нареч.* үнөмдөп; **экономно расходовать топливо** отунду үнөмдөп жагуу.

**ЭКОНО'МНОСТЬ** *ж.* үнөмдүүлүк.

**ЭКОНО'МНЫЙ**, -ая, -ое **1.** (*бережливый*) үнөмчүл; **экономный человек** үнөмчүл киши; **2.** (*способствующий сбережению*) үнөм берүүчү, үнөмчүл; **экономный способ уборки урожая** эгинди жыйноонун үнөм берүүчү жолу.

**ЭКРА'Н** *м.* **1.** (*щит*) экран, тоскуч; **экран перед камином** каминдин алдындагы тоскуч; **2.** *кино* экран (*бетине фильмдердин, диапозитивдердин сүрөтү көрсөтүлүүчү ак полотно*); **фильм идёт первым экраном** фильм биринчи жолу көрсөтүлөт.

**ЭКРАНИЗИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* экрандаштыруу, кино кылып көрсөтүү үчүн даярдоо (*кинодо көрсөтүү үчүн ылайыктап даярдоо*); **экранизировать пьесу** пьесаны экрандаштыруу.

**ЭКС-** *приставка, «мурунку» маанын, иштеген кызматын билдирүү үчүн сөзгө кошулуп айтылган; мис.*: **экс-президент** экс-президент (*мурунку президент*).

**ЭКСКАВА'ТОР** *м.* экскаватор (*жерди оюп, топурагын сузуп алып таштагыч машина*); **гусеничный экскаватор** гусеничный экскаватор; **шагающий экскаватор** өзү жүрүүчү экскаватор; **многоковшовый экскаватор** көп сузгучтуу (сузгучу бар) экскаватор; **сверхмощный экскаватор** өтө күчтүү экскаватор.

**ЭКСКАВА'ТОРЩИК** *м.* экскаваторчу (*экскаватордо иштөөчү специалист жумушчу*).

**ЭКСКАВА'ЦИЯ** *ж.* экскавация (*экскаватор менен топуракты оюп сузуу*).

**ЭКСКРЕМЕ'НТЫ** *только мн.* экскременттер (*заң, тезек*).

**ЭКСКУ'РС** *м.* экскурс (*жардамчы маселелерди баяндап көрсөтүү үчүн негизги темадан четке чыгуу*); **экскурс в область истории** тарых жагына экскурс.

**ЭКСКУРСА'НТ** *м.* экскурсант (*экскурсияга катышуучу*).

**ЭКСКУРСА'НТКА** *женск. р. к* **экскурсант**.

**ЭКСКУРСИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **экскурсия**-*га т.*; экскурсиялык; **экскурсионное бюро** экскурсиялык бюро; **экскурсионная база** экскурсиялык база.

**ЭКСКУ'РСИЯ** *ж.* **1.** (*коллективное посещение*) экскурсия (*билим алуу, илимий, спорттук же көңүл ачуу максаты менен кандайдыр бир мекемеге, жайга коллективдүү түрдө баруу*); **экскурсия в музей Ленина** Лениндин музейине экскурсияга баруу; **экскурсия на завод** заводго экскурсияга баруу; **экскурсия за город** шаардын тышына экскурсияга чыгып келүү; **2.** (*группа участников*) экскурсия тобу (*келген кишилердин тобу*); **в музей пришла большая экскурсия школьников** музейге мектеп окуучуларынын көп экскурсия тобу келди.

**ЭКСКУРСОВО'Д** *м.* экскурсовод, экскурсия жетекчиси, экскурсия башчысы; **работать экскурсоводом** экскурсовод болуп иштөө.

**ЭКСПАНСИ'ВНО** *нареч.* экспансивдүүлүк кылып, экспансивдүүлүк менен.

**ЭКСПАНСИ'ВНОСТЬ** *ж.* экспансивдүүлүк (*сезимге тез берилүүчүлүк, тез күйкөлөктөнүүчүлүк, кубинуучулук, чыдамсыздык ж. б.*).

**ЭКСПАНСИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое экспансивдүү (*сезимге тез берилүүчү, тез күйкөлөктөөчү, тез кубануучу, чыдамсыздануучу ж. б.*); **экспансивное выступление** экспансивдүү чыгып сүйлөө.

**ЭКСПА'НСИЯ** *ж.* экспансия (**1.** *алгачкы чектерден тышкары чыгып кеңейүү, жайылуу, таралуу*; **2.** *полит. империалисттик мамлекеттердин жаңы территорияларды басып алуу аракети; басып алып, өзүнүн мамлекеттик чек араларын кеңитүү жана да анын саясий жана экономикалык таасирин башка мамлекеттерге таратуу, жайылтуу*).

**ЭКСПАТРИА'ЦИЯ** *ж.* экспатриация (*өз эрки менен же эркиsизден өз родинасынан көчүрүп, кетирип жиберүү*).

**ЭКСПАТРИИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого* экспатриациялоо, экспатриация кылуу.

**ЭКСПЕДИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* жөнөтүү, жиберүү (*белгиленген, көрсөтүлгөн жерине жөнөтүү; товарларды, газета-журналдарды, кат-кагаздарды почта, темир жол, суу жолу аркылуу жиберүү*); **экспедировать корреспонденцию** корреспонденцияны жиберүү.

**ЭКСПЕДИ'ТОР** *м.* экспедитор (*товарларды, газета-журналдарды, кат-кагаздарды жөнөтүп, туш-туш жакка жиберип туруучу киши*).

**ЭКСПЕДИЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **экспедиция**-*га т.*; экспедициялык; **экспедиционное оборудование** экспедициялык жабдыктар (шаймандар); **экспедиционный корпус** экспедициялык корпус.

**ЭКСПЕДИ'ЦИЯ** *ж.* **1.** (*отправка, рассылка*) жөнөтүү; **экспедиция грузов** жүктөрдү жөнөтүү; **2.** (*отдел учреждения*) экспедиция (*бир нерсени жөнөтүп туруучу мекеме же анын бөлүгү*); **газетная экспедиция почтамта** почтамттын газета экспедициясы; **3.** (*поездка со специальной целью*) экспедиция; **спасательная экспедиция** аман сактап калуучу экспедиция; **научная экспедиция** илимий экспедиция; **экспедиция на Северный полюс** Түндүк полюска баруучу экспедиция; **4.** (*группа участников*) экспедиция, экспедицияга катышуучулар тобу.

**ЭКСПЕРИМЕ'НТ** *м.* **1.** (*научный опыт*) эксперимент (*илимий текшерүүлөр максаты менен жүргүзүлүүчү опыт, тажрыйба*); **химический эксперимент** химиялык эксперимент; **2.** (*опыт, попытка*) эксперимент (*тажрыйба кылып көрүү, байкап көрүү, сынап көрүү*); **рискованные эксперименты** тобокелге салган эксперименттер.

**ЭКСПЕРИМЕНТА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое **эксперимент**-*ке т.*; эксперименталдык; **экспериментальные мастерские** эксперименталдык мастерскаялар; **экспериментальные данные** эксперименталдык маалыматтар; **экспериментальный метод** эксперименталдык метод; **экспериментальная медицина** эксперименталдык медицина; **экспериментальная фонетика** эксперименталдык фонетика.

www.bizdin.kg

**ЭКСПЕРИМЕНТА'ТОР** *м.* экспериментатор (*эксперимент жүргүзүүчү киши*).

**ЭКСПЕРИМЕНТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. с кем-чем, над кем-чем* эксперимент жүргүзүү; **экспериментировать с новыми сортами озимой пшеницы** күзгү буудайдын жаңы сорттору менен эксперимент жүргүзүү.

**ЭКСПЕ'РТ** *м.* эксперт (*бир иш же маселе жөнүндө пикирин айтып, жыйынтык чыгарып берүүчү специалист*); **судебный эксперт** соттук эксперт.

**ЭКСПЕРТИ'ЗА** *ж.* экспертиза (*эксперттердин жардамы менен бир маселени, ишти чечүү үчүн кароо*); **медицинская экспертиза** медициналык экспертиза; **бухгалтерская экспертиза** бухгалтердик экспертиза.

**ЭКСПЕ'РТНЫЙ**, -ая, -ое **эксперт**-*ке т.*; эксперттик; **экспертная комиссия** эксперттик комиссия.

**ЭКСПИРАТО'РНЫЙ**, -ая, -ое **экспирация**-*га т.*; экспиратордук; **экспираторное ударение** *лингв.* экспиратордук басым (*мис. дунган тилиндеги музыкалык басым өңдүү эмес, кыргыз, орус тилдериндеги дем чыгаруу аркылуу болгон басым*).

**ЭКСПИРА'ЦИЯ** *ж.* экспирация (*өпкөдөн дем чыгаруу*).

**ЭКСПЛУАТА'ТОР** *м.* эксплуататор (*эксплуатация кылуучу; бирөөнүн эмгегинен пайдаланып эзүүчү; капиталист*).

**ЭКСПЛУАТА'ТОРСКИЙ**, -ая, -ое **эксплуататор**-*го т.*; эксплуататордук; **эксплуататорские классы** эксплуататордук таптар.

**ЭКСПЛУАТАЦИО'ННЫЙ**, -ая, -ое **эксплуатация** 2-*ге т.*; эксплуатациялык; **эксплуатационные расходы** эксплуатациялык расходдор.

**ЭКСПЛУАТА'ЦИЯ** *ж.* 1. эксплуатация, эксплуатациялоо, эксплуатация кылуу (*өндүрүш каражаттарын жеке ээлеп тургандар тарабынан башка бирөөнүн эмгегинен пайдалануулары*); 2. эксплуатациялоо, эксплуатация кылуу, пайдалануу, колдонуу, иштетүү; **эксплуатация горных недр** тоо астындагы байлыктарды эксплуатациялоо (пайдалануу); **эксплуатация силы ветра** шамалдын күчүн эксплуатациялоо; **сдать (ввести, пустить) предприятие в эксплуатацию** ишкананы эксплуатацияга берүү (киргизүү).

**ЭКСПЛУАТИ'РОВАНИЕ** *ср. см.* **эксплуатация.**

**ЭКСПЛУАТИ'РОВАТЬ** *несов.* 1. *кого-что* (*присваивать чужой труд*) эксплуатациялоо, эксплуатация кылуу; 2. *что* (*использовать*) эксплуатациялоо, пайдалануу, иштетүү; **эксплуатировать машину** машинаны пайдалануу.

**ЭКСПОЗИ'ЦИЯ** *ж.* экспозиция (1. *лит. адабий чыгарманын аракет башталганга чейинки шартты мүнөздөөчү бир бөлүгү, кириш бөлүгү*; 2. *муз. музыкалык чыгармалардын негизги темаларынын алгачкы баяндалышы*; 3. *музей материалдарынын, искусство чыгармаларынын же башка буюмдарынын көргөзмө үчүн белгилүү система менен жайлаштырылып коюлушу*; 4. *фото сүрөт алууда фото аппараттын объективин ачып, жарык өткөрүү убагы*).

**ЭКСПОНА'Т** *м.* экспонат (*музейде, көргөзмөдө жайылып көрсөтүлүп коюлган нерсе*); **музейные экспонаты** музей экспонаттары.

**ЭКСПОНЕ'НТ** *м.* экспонент (*бир заттарды, нерселерди көргөзмөгө берүүчү киши же мекеме*); **колхозы-экспоненты Всесоюзной сельскохозяйственной выставки** Бүткүл Союздук Айыл Чарба көргөзмөсүнүн экспонент-колхоздору.

**ЭКСПОНИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* экспонаттоо (1. *кандайдыр бир нерсени көргөзмөгө коюп көрсөтүү, экспонат катарында көргөзмөгө коюу*; 2. *фотоплёнкасына, фотопластинкасына жарык түшүрүү*).

**Э'КСПОРТ** *м.* экспорт, экспорттоо, экспорт кылуу (*чет мамлекетке товар же капитал чыгаруу*).

**ЭКСПОРТЁР** *м.* экспортёр (*экспорттоочу; чет мамлекетке товар чыгаруучу киши же мекеме*).

**ЭКСПОРТИ'РОВАНИЕ** *ср. см.* **экспорт.**

**ЭКСПОРТИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* экспорттоо экспорт кылуу (*чет мамлекетке товарды же капиталды чыгаруу*); **экспортировать лес** жыгачты экспорттоо.

**Э'КСПОРТНЫЙ**, -ая, -ое **экспорт**-*ко т.*; экспорттук; **экспортные товары** экспорттук товарлар.

**ЭКСПРЕ'СС** *м.* экспресс (*айрыкча ылдам жүрүүчү пассажирдик поезд, пароход ж. б.*); **экспресс Москва — Ленинград** Москва — Ленинград экспресси; **ехать экспрессом** экспресс менен жөнөө, экспресс менен келүү (баруу).

**ЭКСПРЕССИ'ВНОСТЬ** *ж. см.* **экспрессия.**

**ЭКСПРЕССИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое (*выразительный*) экспрессивдүү (*ачыктыкты, маанилүүлүктү, айкындыкты көрсөтүүчү*); **экспрессивная речь** экспрессивдүү речь.

**ЭКСПРЕССИОНИ'ЗМ** *м. иск.* экспрессионизм (*адабиятта жана искусстводо чындыкты абдан бурмалоочу, Батыш Европадагы идеалисттик, реакциялык агым*).

**ЭКСПРЕССИОНИ'СТ** *м. иск., лит.* экспрессионист (*экспрессионизмдин өкүлү*).

**ЭКСПРЕ'ССИЯ** *ж.* (*выразительность*) экспрессия (*ачыктыкты, маанилүүлүктү, айкындыкты көрсөтүү*); **говорить с экспрессией** экспрессия менен сүйлөө.

**ЭКСПРО'МТ** *м.* экспромт (*даярдыксыз эле түзүлгөн ыр, музыкалык чыгарма, речь*).

**ЭКСПРО'МТОМ** *нареч.* даярдыксыз эле, даярданбай туруп эле; **произнести речь экспромтом** күн мурун даярданбай туруп эле сүйлөө.

**ЭКСПРОПРИА'ТОР** *м.* экспроприатор (*бирөөнүн бир нерсесин тартып алуучу, бирөөнү эмгегинен ажыратуучу киши; экспроприацияга катышуучу киши*).

**ЭКСПРОПРИА'ЦИЯ** *ж.* 1. экспроприация, экспроприациялоо, экспроприация кылуу (*бир коомдук таптын же катмардын өндүрүш каражатынын экинчи бир коомдук тап же катмар тарабынан тартып алынышы*); **экспроприация экспроприаторов** экспроприаторлорду экспроприация кылуу; 2. *юр.* экспроприация (*капиталисттик өлкөлөрдө — жеке менчиктеги мүлктү, акчасын төлөп, мамлекеттик бийликтин мажбурий түрдө алып коюу*).

**ЭКСПРОПРИИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. кого-что* экспроприациялоо, экспроприация кылуу.

**ЭКСТА'З** *м.* экстаз (*элирип, өзүн өзү унутуу даражасына жеткен абал*); **приводить в экстаз** экстаз абалына алып келүү; **впасть в экстаз** экстаз абалына келүү.

**ЭКСТАТИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **экстаз**-*га т.*; экстаздуу; **экстатическое состояние** экстаз абалы.

**ЭКСТЕНСИ'ВНЫЙ**, -ая, -ое экстенсивдүү (*сапаты жагынан эмес, сан жагынан кеңейтүүгө багытталган; мис. дыйканчылыкта — жерди семиртпестен, жакшы иштетпестен, анын аянтын гана көбөйтүү*).

**ЭКСТЕ'РН** *м.* 1. экстерн (*окуу жайынын өзүндө окубастан, ага экзамен берүүчү адам*); 2. экстерн (*революцияга чейинки Россияда — жабык окуу жайы деп аталуучу окуу жайларында жатпастан эле, үйүнөн келип окуп туруучу окуучу*); **поступить экстерном** экстерн болуп кирүү (өтүү).

**ЭКСТЕРНА'Т** *м.* экстернат (*өзүнчө окуп жүрүп, тийиштүү окуу жайына экзамен берүү системасы*).

**ЭКСТЕРРИТОРИА'ЛЬНОСТЬ** *ж. дип.* экстерриториалдуулук (*өзгөчө артыкчылык — жергиликтүү сот тарабынан соттолбоо, налогдордон бошотуу ж. б. укугу; чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлдөрүнө өз ара берилген ушундай өзгөчө артыкчылык*); **право экстерриториальности** экстерриториалдуулук укугу.

**ЭКСТЕРРИТОРИА'ЛЬНЫЙ**, -ая, -ое *дип.* экстерриториалдуу, экстерриториалдуулук укугу бар.

**ЭКСТЕРЬЕ'Р** *м.* экстерьер (*айбандын тышкы түзүлүшү, тышкы түрү*); **экстерьер лошади** аттын экстерьери (*тышкы түрү*).

www.bizdin.kg

**ЭКСТРАВАГА'НТНОСТЬ** *ж.* өзүнчө бир укмуштуулук, бөлөкчөлүк, кадыресе эместик, таң калтырарлык, жалпыга мүнөздүү эместик.

**ЭКСТРАВАГА'НТНЫЙ,** -ая, -ое өзүнчө бир укмуш (укмуштуу), бөлөкчө, кадыресе эмес, таң калтырарлык, жалпыга мүнөздүү болбогон; **экстравагáнтный костю́м** таң калтырарлык (башкаларга таптакыр окшобогон) костюм, өзүнчө бир бөлөкчө тигилген костюм.

**ЭКСТРА'КТ** *м.* 1. (*выпяжка*) экстракт (*сыгынды, сыгып чыгарылган; өсүмдүк же айбандын заттарынан сыгып чыгарылган коюу нерсе, шире*); **я́годный экстрáкт** жемиш экстракты; 2. (*сжатое изложение*) кыскача айтуу (жазуу).

**ЭКСТРА'КЦИЯ** *ж.* экстракция (1. *мед. жулуп алып таштоо, мис. тишти*; 2. *сыгып чыгаруу, мис. майды, жемиштин ширесин*).

**ЭКСТРАОРДИНА'РНОСТЬ** *ж.* экстраординардуулук (*өтө эле адаттан тышкарылык, өтө аз учурай тургандык, кадыресе эместик*).

**ЭКСТРАОРДИНА'РНЫЙ,** -ая, -ое 1. экстраординардуу (*укмуштуу, адаттан тыш, кадыресе эмес, өтө аз учурай тургандык*); **экстраордина́рный слу́чай** экстраординардуу учур; 2. *уст.* экстраординардык (*кээ бир илимий мансаптар жөнүндө — штатта жок, штаттан тышкары*), **экстраордина́рный профе́ссор** экстраординардык профессор.

**ЭКСТРЕМИ'ЗМ** *м.* экстремизм (*көбүнчө саясатта — эң эле ашыра чабууга, эң эле кескин чараларды колдонууга умтулуучулук*).

**ЭКСТРЕМИ'СТ** *м.* экстремист (*экстремизмди колдонуучу адам*).

**ЭКСТРЕМИ'СТСКИЙ,** -ая, -ое **экстремизм**-*ге т.*

**Э'КСТРЕННО** *нареч.* өтө шашып, өтө ылдам; **э́кстренно вы́ехать в командиро́вку** өтө шашып командировкага жүрүп кетүү.

**Э'КСТРЕННОСТЬ** *ж.* өтө шашылыштык; **что за э́кстренность?** бул кандай шашылыштык?

**Э'КСТРЕННЫЙ,** -ая, -ое 1. (*срочный*) өтө шашылыш, кийинкиге калтырбай турган; **э́кстренный вы́зов врача́ к больно́му** оорута өтө шашылыш түрдө врач чакыруу; 2. (*чрезвычайный, непредвиденный*) өтө шашылыш, өтө тез, күтпөгөн жерден, чукул түрдө, күтүлбөгөн; **э́кстренный вы́пуск газе́ты** газетанын чукул түрдө чыгарылышы; **э́кстренные расхо́ды** күтүлбөгөн чыгым, күтпөгөн жерден болгон расходдор.

**ЭКСЦЕ'НТРИК** *м.* эксцентрик (1. *тех. тегеренүүчү кыймылды алга карата умтулуучу кыймылга айландыруучу металл диск — машинанын бир деталы*; 2. *театр. күтүлбөгөн жерден таасир кылуучу куудул номерлерди аткаруучу, цирктик же эстрадалык актёр*).

**ЭКСЦЕНТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *мат.* эксцентрдик (*жалпы орток борбору болбогон*).

**ЭКСЦЕНТРИ'ЧНО** *нареч.* адаттан тышкарылык менен, апенди чалыштык кылып (менен).

**ЭКСЦЕНТРИ'ЧНОСТЬ** *ж.* адаттагыдайдан тышкары болгондук, апенди чалыштык, апенди чалыштын иши.

**ЭКСЦЕНТРИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое адаттагыдай эмес, апенди чалыш.

**ЭКСЦЕ'СС** *м.* 1. (*невоздержанность*) эксцесс (*өтө, ашыра чектен чыгара кылуу, ченемден тышкары кылуу*); 2. (*нарушение общественного порядка*) эксцесс (*коомдук тартипти бузуу*); **предотврати́ть вся́кие эксце́ссы** бардык эксцесстердин алдын алуу.

**ЭЛАСТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое *см.* **эласти́чный.**

**ЭЛАСТИ'ЧНОСТЬ** *ж.* 1. (*упругость, гибкость*) серпилмелүүлүк (*ийилип же созулуп, кайра калыбына келүүчүлүк, мис. резина, пружина*); 2. *перен.* (*плавность, лёгкость*) ийкемдүүлүк, жеңилдик; **эласти́чность движе́ний** кыймылдын ийкемдүүлүгү (жеңилдиги).

**ЭЛАСТИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое 1. (*упругий, гибкий*) серпилмелүү (*ийилип же созулуп, кайра калыбына келүүчү*); **эласти́чная рези́на** серпилмелүү резина; 2. *перен.* (*плавный, лёгкий*) ийкемдүү, жеңил.

**ЭЛЕВА'ТОР** *м.* элеватор (1. *чоң көлөмдүү механизацияланган дан сактагыч*; 2. *тех. бир жүктү бир жерден экинчи жерге чубурткуч, ташыгыч аппарат*; 3. *мед. тиш сууруучу аппарат*).

**ЭЛЕГА'НТНО** *нареч.* кооз, келишимдүү, көркөмдүү; **элега́нтно одева́ться** келишимдүү кийинүү.

**ЭЛЕГА'НТНОСТЬ** *ж.* кооздук, келишимдүүлүк, көркөмдүк, назиктик (*мис. кийим, кыймыл жөнүндө*).

**ЭЛЕГА'НТНЫЙ,** -ая, -ое кооз, келишимдүү, көркөм, назик (*мис. кийим, кыймыл*).

**ЭЛЕГИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое 1. **элегия**-*га т.*; элегиялык; **элеги́ческий жанр** элегиялык жанр; 2. *перен.* (*грустный, мечтательный*) кыялга батып, санааркаган; кайгылуу.

**ЭЛЕГИ'ЧНЫЙ,** -ая, -ое *см.* **элеги́ческий.**

**ЭЛЕ'ГИЯ** *ж.* элегия (1. *лит. кыялга, санаага баткан лирикалык ыр; мис. «күйгөн» өңдүү ашыктык ыр*; 2. *муз. кайгылуу, санаалуу, кыялга баткан өңдүү лирикалык музыкалык чыгарма*).

**ЭЛЕКТРИЗА'ЦИЯ** *ж.* 1. *физ.* электризация (*бир телого электр тогун жүргүзүү*); 2. *мед.* электризация (*электр менен дарылоо*); **врач назна́чил больно́го на электриза́цию** врач ооруну электризация менен дарылоого дайындады.

**ЭЛЕКТРИЗОВА'ТЬ** 1. *сов. и несов. что, физ.* электризациялоо, электризация кылуу, электрлендирүү (*бир телого электр тогун жүргүзүү*); 2. *сов. и несов. кого-что, мед.* электризациялоо, электризация кылуу (*электр менен дарылоо*); 3. *несов. перен.* электризациялоо, кызытуу, кыздыруу, козутуу (*толкундантан, козголгон абалга келтирүү*).

**ЭЛЕ'КТРИК** *м.* 1. *см.* **электроте́хник;** 2. электрик (*электр өндүрүш жайынын кызматчысы*).

**ЭЛЕКТРИ'К** *прил. неизм.* (*голубовато-синий*) көгүлтүр, көгүлтүр түс; **пла́тье цве́та электри́к** көгүлтүр түстүү көйнөк.

**ЭЛЕКТРИФИКА'ЦИЯ** *ж.* электрификация, электрлештирүү (*эл чарбасынын бардык тармактарында жана турмушта электр энергиясын кең жайылтуу*).

**ЭЛЕКТРИФИЦИ'РОВАТЬ** *сов. и несов. что* электрлештирүү (*эл чарбасынын бардык тармактарына жана турмушка электр энергиясын жайылтуу*).

**ЭЛЕКТРИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **электричество**-*го т.*; электрдик; **электри́ческая эне́ргия** электр энергиясы; **электри́ческий ток** электр тогу; **электри́ческий про́вод** электр проводу; **электри́ческая ла́мпочка** электр лампочкасы, электр лампочка; **электри́ческое освеще́ние** электр жарыгы; **электри́ческий утю́г** электр утюг.

**ЭЛЕКТРИ'ЧЕСТВО** *ср.* электр, электр кубаты, электр күчү.

**ЭЛЕКТРИ'ЧКА** *ж. разг.* электричка (*электр темир жол жана ошол жол менен жүрүүчү поезд*).

**ЭЛЕКТРО-** *татаал сөздүн «электрдик», «электр» деген маанини берүүчү биринчи бөлүгү; мис.*: **электроаппарату́ра** электрдик аппаратура.

**ЭЛЕКТРОАППАРАТУ'РА** *ж.* электрдик аппаратура.

**ЭЛЕКТРОБУ'Р** *м.* электробур (*электр кубаты менен иштей турган чоң бургу, чоң буроо; бул — жердин астынан кен издеген кезде колдонулат*).

**ЭЛЕКТРОВО'З** *м.* электровоз (*электрдин кубаты менен аракет кылып, шахтада поезддерди, вагонеткаларды ж. б. сүйрөөчү локомотив*).

**ЭЛЕКТРО'Д** *м. физ.* 1. электрод (*электр тогун газ же суюктукка ж. б. киргизүүчү электр өткөргүч пластинка*); **положи́тельный электро́д** *см.* **ано́д; отрица́тельный**

www.bizdin.kg

**электро́д** *см.* **като́д**; 2. электрод (*прибордо жана машинада электр тогун киргизип жана чыгарып туруучу жери*).

**ЭЛЕКТРОДВИ'ГАТЕЛЬ** *м.* электр кубатын механикалык күчкө айландыруучу машина.

**ЭЛЕКТРОДВИ'ЖУЩИЙ,** -ая, -ее электр кыймылын түзүүчү, электр тогун чыгаруучу; **электродвижущая сила** электр тогун чыгаруучу күч.

**ЭЛЕКТРОДИНА'МИКА** *ж. физ.* электродинамика (*физиканын бир бөлүгү; бул — электр тогунун касиетин изилдейт*).

**ЭЛЕКТРОДИНАМИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **электродинамика**-*га т.*

**ЭЛЕКТРОДИНАМО'МЕТР** *м. физ.* электродинамометр (*электр тогунун күчүн, чыңалышын же кубатын өлчөгүч прибор*).

**ЭЛЕКТРОДОИ'ЛКА** *ж.* электродоилка (*малды саап үчүн колдонулуучу электр прибору*).

**ЭЛЕКТРОДО'ЙКА** *ж.* электродойка (*электр аспап менен уй саап*): **электродо́йка коро́в** уйду электродоилка менен, электр саагыч менен саап.

**ЭЛЕКТРОЁМКОСТЬ** *ж.* электр сыйдыргычтык.

**ЭЛЕКТРОЗАКА'ЛКА** *ж.* электр менен сугаруу (*мис. электр печтеринде болотту электр менен сугаруу*).

**ЭЛЕКТРОИЗМЕРИ'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое электр өлчөгүч, электр күчүн (кубатын) өлчөгүч; **электроизмери́тельный прибо́р** электр өлчөгүч прибор.

**ЭЛЕКТРОКА'Р** *м.* электрокар (*аккумулятордон азыктануучу, электр кыймылдаткычы бар кичине араба*).

**ЭЛЕКТРОКАРДИОГРА'ММА** *ж. мед.* электрокардиограмма (*жүрөктүн иштешин көрсөтүүчү, электр тогунун ийри жазуусу*).

**ЭЛЕКТРОКОМБА'ЙН** *м.* электрокомбайн (*электрдин күчү менен жүрүүчү комбайн*).

**ЭЛЕКТРОЛА'МПА** *ж.* электролампа, электр лампасы.

**ЭЛЕКТРОЛА'МПОВЫЙ,** -ая, -ое **электролампа**-*га т.*; **электрола́мповый заво́д** электр лампаларын жасай турган завод.

**ЭЛЕКТРОЛЕЧЕ'БНИЦА** *ж.* электролечебница, электр менен дарылоочу жай.

**ЭЛЕКТРОЛЕЧЕ'НИЕ** *ср.* электролечение, электр менен дарылоо (*электр тогу менен дарылоо*).

**ЭЛЕКТРО'ЛИЗ** *м. физ.* электролиз (*электр тогунун зат аркылуу өткөндө ал заттын составдык бөлүктөргө бөлүнүшү*).

**ЭЛЕКТРОЛИ'Т** *м. физ.* электролит (*эритинди; мына ушул эритинди аркылуу электр тогу өткөндө зат өзүнүн составдык бөлүктөрүнө бөлүнөт*).

**ЭЛЕКТРОЛИТИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **электролиз**-*ге*, **электролит**-*ке т.*; электролиздүү, электролиздик; **электролити́ческая ва́нна** электролиздүү ванна (*электр тогунун жардамы менен заттарды бөлүктөргө ажырата турган эритиндиси бар сосуд*); **электролити́ческие мета́ллы** электролиздик металлдар; **электролити́ческое желе́зо** электролиздик темир.

**ЭЛЕКТРОМАГНЕТИ'ЗМ** *м. физ.* электромагнетизм (1. *электр тогу аркылуу пайда болуучу магнит кубулуштарынын жыйындысы*; 2. *электромагнит кубулушу жөнүндөгү илим*).

**ЭЛЕКТРОМАГНИ'Т** *м. физ.* электромагнит (*оролгон сымдар аркылуу электр тогун өткөргөндө магниттене турган темир же болоттун жумшак бир бөлүгү*).

**ЭЛЕКТРОМАГНИ'ТНЫЙ,** -ая, -ое **электромагнит**-*ке*, **электромагнетизм**-*ге т.*; электромагниттик; **электромагни́тные во́лны** электромагниттик толкундар.

**ЭЛЕКТРОМАШИНОСТРОЕ'НИЕ** *ср.* электромашина курулушу (*электромотор, турбогенераторлорду ж. б. өндүрүүчү, иштеп чыгаруучу электр өндүрүш жайынын бир тармагы*).

**ЭЛЕКТРОМЕТАЛЛУ'РГИЯ** *ж.* электрометаллургия (*электр тогунун жардамы менен металлдарды жана анын эритиндилерин өнөр жайларда иштеп чыгуу*).

**ЭЛЕКТРО'МЕТР** *м. физ.* электрометр (*электрдин чыңалышын өлчөгүч прибор*).

**ЭЛЕКТРОМЕХА'НИК** *м.* электромеханик (*электромеханика боюнча специалист*).

**ЭЛЕКТРОМЕХА'НИКА** *ж.* электромеханика (*электромеханиканын электрдик кыймылдаткычтарды, машиналарды жасоо жана эксплуатациялоо жөнүндөгү бир бөлүмү*).

**ЭЛЕКТРОМЕХАНИ'ЧЕСКИЙ,** -ая, -ое **электромеханика**-*га т.*; электромеханикалык; **электромехани́ческий цех** электромеханикалык цех; **электромехани́ческая до́йка коро́в** уйду электромеханикалык жол менен саап.

**ЭЛЕКТРОМОЛОТЬБА'** *ж.* электромолотьба (*электр күчү менен эгин бастыруу*).

**ЭЛЕКТРОМОНТЁР** *м.* электромонтёр, электр монтёру (*электр жабдыктарын, шаймандарын орнотуучу монтёр*).

**ЭЛЕКТРОМОТО'Р** *м.* электромотор (*электр кыймылдаткыч*).

**ЭЛЕКТРО'Н** *м. физ.* электрон (*терс электрдин эң кичине бөлүкчөсү, атомдун составдык бөлүгү*).

**ЭЛЕКТРОНАГРЕВА'ТЕЛЬНЫЙ,** -ая, -ое электронагревательный, электр менен жылытуучу, электр менен ысытуучу; **электронагрева́тельный прибо́р** электронагревательный прибор.

**ЭЛЕКТРОНАСО'С** *м.* электронасос, электр насосу (*электрдин күчү менен иштөөчү насос*).

**ЭЛЕКТРО'НИКА** *ж. физ.* электроника (*электротехниканын бир бөлүгү; бул — газдуу айланадагы жана абасыз мейкиндиктеги электр кубулушун изилдейт*).

**ЭЛЕКТРО'ННЫЙ,** -ая, -ое **электроника**-*га т.*; электронный, электрондук, электрондуу; **электро́нная тео́рия** электрондук теория; **электро́нная ла́мпа** *рад.* электрондук лампа.

**ЭЛЕКТРОПА'ХОТА** *ж.* электропахота (*электр күчү менен жерди айдоо*).

**ЭЛЕКТРОПЕРЕДА'ЧА** *ж.* электропередача, электр берүү (1. *аралыкка электр бериш, таратыш*; 2. *ушундай электр берүү үчүн иштелген жабдыктардын жыйындысы*).

**ЭЛЕКТРОПЕ'ЧЬ** *ж.* электропечь, электр меши.

**ЭЛЕКТРОПИЛА'** *ж.* электр араа.

**ЭЛЕКТРОПЛА'ВКА** *ж.* электроплавка, электр менен эритүү.

**ЭЛЕКТРОПЛИ'ТКА** *ж.* электр плиткасы.

**ЭЛЕКТРОПЛУ'Г** *м.* электроплуг, электр соко (*электр күчү менен жүрүүчү соко*).

**ЭЛЕКТРОПО'ЕЗД** *м.* электропоезд (*электр күчү менен жүрүүчү поезд*).

**ЭЛЕКТРОПРИБО'Р** *м.* электроприбор (*турмушта колдонулган электр приборлору: чайнек, плитка, утюг ж. б.*).

**ЭЛЕКТРОПРО'ВОД** *м.* электропровод (*электр тогун өткөрүп берип туруучу провод*).

**ЭЛЕКТРОПРОВО'ДКА** *ж.* электр өткөрүү (*бир жердеги электропроводдорунун тармагы*).

**ЭЛЕКТРОПРОВО'ДНОСТЬ** *ж. физ.* электр тогун өткөргүчтүк (*электр тогун өткөрүүгө жөндөмдүүлүк*); **электропрово́дность мета́ллов** металлдардын электр тогун өткөргүчтүгү.

**ЭЛЕКТРОПРОВО'ДНЫЙ,** -ая, -ое *физ.* электр өткөргүч.

**ЭЛЕКТРОПЫЛЕСО'С** *м.* электропылесос (*электр күчү менен чаңды соруп тазалагыч машина*).

**ЭЛЕКТРОСВА'РКА** *ж.* электросварка, электр менен ширетүү (*электр жолу менен кыздырып эки металлды ширетүү*).

www.bizdin.kg

**ЭЛЕКТРОСВА'РЩИК** *м.* электросварщик (*электр менен ширеткич киши, электросварка боюнча специалист*).

**ЭЛЕКТРОСЕ'ТЬ** *ж.* электросеть (*электр кубатын өткөрүүчү сым ж. б. жыйындысы*); **ремо́нт электросе́ти** электросеттин ремонту, электросетти ремонт кылуу.

**ЭЛЕКТРОСКО'П** *м.* электроскоп (*эки нерсенин, эки заттын ортосундагы электр тогунун күчүн өлчөөчү же билүүчү жөнөкөй прибор*).

**ЭЛЕКТРОСТА'НЦИЯ** *ж.* электростанция, электр станциясы (*электр энергиясын иштеп чыгаруучу станция*).

**ЭЛЕКТРОСТА'ТИКА** *ж. физ.* электростатика (*физиканын бир бөлүмү; бул — кыймылдабас электр заряддарынын касиеттерин изилдейт*).

**ЭЛЕКТРОСТРИ'ЖКА** *ж.* электространжка, электр кырккыч, электр кырккыч менен кыркуу (*кичинекей электромотор аркылуу кыймылга келген прибор менен жүн кыркуу*); **электростри́жка ове́ц** койду электр кырккыч менен кыркуу.

**ЭЛЕКТРОТЕРАПИ'Я** *ж.* электротерапия (*электр менен дарылоо*).

**ЭЛЕКТРОТЕ'ХНИК** *м.* электротехник (*электротехника боюнча специалист*); **инжене́р-электроте́хник** инженер-электротехник, электротехника боюнча инженер.

**ЭЛЕКТРОТЕ'ХНИКА** *ж.* электротехника (1. *электрди практикалык максаттар үчүн колдонуу жөнүндөгү илим*; 2. *электр энергиясын иштеп чыгаруу жана пайдалануу үчүн шаймандар жасап чыгаруучу өнөр жайлардын бир тармагы*).

**ЭЛЕКТРОТЕХНИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **электротехника**-*га т.*; электротехникалык; **электротехни́ческая промы́шленность** электротехникалык өнөр жай.

**ЭЛЕКТРОТОВА'РЫ** *мн.* электр товарлар (*электрге керектүү жарак-жабдыктар, товарлар, электр приборлору ж. б.*).

**ЭЛЕКТРОТРА'КТОР** *м.* электротрактор, электр трактору (*электр күчү менен жүрө турган трактор*).

**ЭЛЕКТРОУТЮ'Г** *м.* электроутюг, электр утюгу.

**ЭЛЕКТРОХИМИ'ЧЕСКИЙ**, -ая, -ое **электрохимия**-*га т.*; электрохимиялык; **электрохими́ческое явле́ние** электрохимиялык кубулуш.

**ЭЛЕКТРОХИ'МИЯ** *ж.* электрохимия (*физикалык химиянын бир бөлүмү; бул—электр тогунун аракети менен пайда болуучу химиялык процесстерди, жана дагы химиялык процесс аркылуу пайда болуучу электр кубулуштарын изилдейт*).

**ЭЛЕКТРОЭНЕ'РГИЯ** *ж.* электроэнергия, электр энергиясы, электр кубаты.

**ЭЛЕМЕ'НТ** *м.* 1. (*составная часть сложного целого*) элемент (*татаал бир бүтүндүктүн составдык бөлүгү*); **важне́йшие элеме́нты драмати́ческого произведе́ния** драмалык чыгарманын зор маанилүү элементтери; 2. **элеме́нты** *мн.* (*основы, начала*) элементтер (*бир нерсенин башталгычы*); **элеме́нты а́лгебры** алгебранын элементтери; 3. *хим.* элемент (*жөнөкөй химиялык жол менен эң жөнөкөй составдык бөлүккө ажыралбай турган зат*); **периоди́ческая систе́ма элеме́нтов** элементтердин периодический системасы; 4. *физ.* элемент (*электр тогун алууга арналган прибор*); **гальвани́ческий элеме́нт** гальваникалык элемент; **сухо́й элеме́нт** кургак элемент; ◇ **прогресси́вные элеме́нты о́бщества** коомдун прогрессивдүү элементтери; **подозри́тельный элеме́нт** күнөмдүү, шектүү элемент.

**ЭЛЕМЕНТА'РНО** *нареч.* баарыга түшүнүктүү, жөнөкөй.

**ЭЛЕМЕНТА'РНОСТЬ** *ж.* баарыга түшүнүктүүлүк, жөнөкөйлүк.

**ЭЛЕМЕНТА'РНЫЙ**, -ая, -ое 1. (*начальный*) элементардык, баштапкы, алгачкы, негизине гана тийиштүү; **элемента́рная матема́тика** элементардык математика; 2. (*простейший*) жөнөкөй, баарыга түшүнүктүү, өзүнөн өзү белгилүү, түшүндүрүүнү керек кылбай турган; **элемента́рный спо́соб реше́ния зада́чи** эсепти чыгаруунун жөнөкөй жолу; 3. *перен.* (*упрощённый, ограниченный*) жөнөкөй, терең эмес, чектелген, оңойлотулган; **элемента́рный взгляд на ве́щи** буюмга жөнөкөй (терең эмес) көз караш.

**ЭЛЕРО'НЫ** *мн.* (*ед.* **элеро́н** *м.*) *ав.* элерондор (*самолёттун бөлүктөрүнүн бири*).

